K 97



КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
КЫРГЫЗ ССР БАСМА, ПОЛИГРАФИЯ ЖАНА КИТЕП СООДА ИШТЕРИ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК КОМИТЕТИ

КЫРГЫЗ СОВЕТ ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫНЫН БАШКЫ РЕДАКЦИЯСЫ

КЫРГЫЗ СОВЕТ ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫ

БАШКЫ РЕДАКТОРУ
Б. Ө. ОРУЗБАЕВА

БАШКЫ РЕДАКЦИЯ МҮЧӨЛӨРҮ:

А. АБАКИРОВ, М. АБДРАЕВ, Т. АБДЫЛДАЕВ, М. М. АДЫШЕВ, Г. АЙТИЕВ, Ч. Т. АЙТМАТОВ, А. АЛДАШЕВ, Т. М. АЛМАЕВ, А. АЛТЫМЫШБАЕВ, А. А. АЛТЫМЫШЕВ, К. АЛЫМКУЛОВ, Т. АСКАРОВ, С. БЕГАЛИЕВ, З. БЕЙШЕЕВ (жооптуу секретарь), Б. ЖАМГЫРЧИНОВ, Ж. ЖЭЭНБАЕВ, Н. И. ЗАХАРЬЕВ, А. Э. ИЗМАЙЛОВ, С. ИЛЬЯСОВ, М. ИМАНАЛИЕВ, К. КАРАКЕЕВ, А. КАРЫПКУЛОВ, Б. КЕРИМЖАНОВА, К. Н. КУЛМАТОВ, А. КУТТУБАЕВ, А. МАМЫТОВ, М. М. МИРРАХИМОВ, К. МОЛДОБАЕВ, К. К. ОРОЗАЛИЕВ, К. ОТОРБАЕВ, С. ӨМҮРЗАКОВ, К. РЫСАЛИЕВ (башкы редактордун орун басары), М. РЫСКУЛБЕКОВ, Т. САРБАНОВ, К. СУЛАЙМАНКУЛОВ, С. ТАБЫШАЛИЕВ, А. ТОКТОНАЛИЕВ, А. ТУРСУНОВ, Ж. Ж. ТУРСУНОВ.

5

ПИРС—ТООККАНА

ФРУНЗЕ — 1980

КЫР
03
К97

КСЭнин БАШКЫ РЕДАКЦИЯСЫНЫН ЖЕТЕКЧИЛЕРИ

Б. Ө. ОРУЗБАЕВА — башкы редактор, филол. илимд. доктору, проф., Кыргыз ССР ИАнын академиги.
К. РЫСАЛИЕВ — башкы редакторго орун басар, филол. илимд. кандидаты.
З. БЕЙШЕЕВ — жооптуу секретарь — башкы редакторго орун басар.
С. ЧЕКИРОВА — жооптуу секретардын ондуруш б-ча орун басары.

ИЛИМИЙ-ТАРМАК РЕДАКЦИЯЛАР ж-а БӨЛУМДӨР

Биология, химия ж-а медицина. Б. БЕГАЛИЕВА — редакция башчысы, М. КАКЕЕВА — ст. ил. редактор, химия илимд. кандидаты, Д. АКМАТОВА, Т. ТЫНАЛИЕВА (мед. илимд. доктору, проф.) — ил. редакторлор, Н. ТОЙБАЕВА — кенже ил. редактор.
География, геология ж-а геофизика. О. БАРАТАЛИЕВ — редакция башчысы, М. ИСАЕВ, Ж. КЕНЧИЕВ — ст. ил. редакторлор, М. МУРАТАЛИЕВ, К. САКЕБАЕВА — ил. редакторлор, С. САТЫЛГАНОВА — кенже ил. редактор.
Жалпы тарых. С. МАКЕНОВ — редакция башчысы, Ш. УСУПБЕКОВ — ст. ил. редактор, Ж. АРЗЫКУЛОВ, Т. СУЛТАНАЛИЕВ — ил. редакторлор, П. АРЫКОВА — кенже ил. редактор.
КПСС ж-а СССР тарыхы. М. ЭДИЛОВА — редакция башчысы, Ж. САГЫНОВ — ст. ил. редактор. Ч. ӨМҮРБЕКОВ — ил. редактор, Ш. КАПТАГАЕВА — кенже ил. редактор.
Маданият ж-а искусство. А. КУРОГӨНОВ — редакция башчысы, М. ОМОРОВА — ст. ил. редактор, М. АБИЛОВ — ил. редактор, Н. ЖЭЭНБАЕВА — кенже ил. редактор.
Тил, адабият ж-а фольклор. С. ОЛЖОБАЕВ — редакция башчысы, К. САМАТОВ — ст. ил. редактор. Г. ЖУМАКУНОВА — ил. редактор, Т. АБДЫЛДАЕВА — кенже ил. редактор.
Физика; математика ж-а техника. А. МУСАЕВ — редакция башчысы, Б. АБЫЛГАЗИЕВ — ст. ил. редактор, А. ЖАКЫПБЕКОВ, Ы. КАДЫРОВ — ил. редакторлор, Ш. АСАНОВА — кенже ил. редактор.
Философия ж-а укук. Н. КУЛМАТОВ — редакция башчысы, филос. илимд. кандидаты, Б. ТӨЛӨКОВ — ст. ил. редактор, А. АКМАТБЕКОВ — ил. редактор, Б. БЕЙШЕНАЛИЕВА — кенже ил. редактор.
Экономика ж-а эл чарбасы. А. СЫДЫКБАЕВ — редакция башчысы, Т. КАЗИЕВ — ст. ил. редактор, М. ЖУМАЛИЕВ, Д. ИСМАИЛОВА — ил. редакторлор, А. БЕЙШЕНОВА — кенже ил. редактор.
Илимий ж-а адабий контроль. М. КОШОЕВ — редакция башчысы, О. АМАНТУРОВА, Н. БАЗАРБЕКОВ, К. БЕГМАТОВА, Ш. ЖАПАРОВ (филол. илимд. кандидаты, доцент), К. МАМБЕТАЛИЕВА — ст. ил. редакторлор, С. АЙТКУЛОВА, Р. ТАБАЛДИЕВА, С. ТӨЛӨГӨНОВА — ил. редакторлор, Н. АБДРАХМАНОВА, А. УЗАКОВА — кенже ил. редакторлор.
Иллюстрация ж-а картография. Э. КАСЫМОВ — редакция башчысы, О. КОПЧУМАНОВ — ил. редактор-картограф, Г. ВАСИЛЬЕВ, У. ОСМОЕВ — художник редакторлор, Т. БАТЫРЖАНОВА — кенже ил. редактор.
Соодук ж-а библиография. А. ДӨӨЛӨТБАЕВ — редакция башчысы, А. ДУНГАНОВ, Б. ТӨРӨКУЛОВА — ил. редакторлор, К. ОКЕНОВА — ил. редактор-библиограф.
Жыйнактоо ж-а китепкана. Б. КАНГЕЛДИЕВА — бөлүм башчысы, Ш. САДАБАЕВА — комплектоочу инженер, А. ЖАПАРОВА — ил. китепкана башчысы, М. КОЛБАЕВА — кенже ил. редактор-транскрипциячы.
Комплекс макалалар. С. МОЛДОСАНОВ — ст. ил. редактор, А. ИШИМКАНОВА — ил. редактор.
Корректорлор. Р. ШАМАНАЕВА — бөлүм башчысы, С. КАЛМАМАТОВ, Р. СЫДЫКОВА — ст. корректорлор, Ж. АЙТИКЕЕВА, М. ЫСАКОВА — корректорлор.
Ондуруш бөлүмү. Т. ШИЛОВА — бөлүм башчысы, Н. ПЛОТНИКОВА — ст. тех. редактор, Ж. ЖОЛДОШЕВА — тех. редактор.
Пландоо бөлүмү. В. ВОЛКОВА — бөлүм башчысы, С. САРЫБАЕВА — ст. экономист, Р. БАШАНЛО — архивчи.
Фотолаборатория. А. РЖЕВСКИЙ — лабор-я башчысы, Л. МИРШАНОВ — фотограф.
Машбюро. Б. ИШЕНБАЕВА — ст. машинистка, И. АТАБАЕВА, З. ЖАКЫПОВА, А. ӨМҮРАЛИЕВА — машинисткалар.
Канцелярия. Р. ДЕРЕКА — кадр б-ча ст. инспектор ж-а канцелярияга жооп кер.
Бухгалтерия. У. СУЛАЙМАНОВА — башкы бухгалтер.

КСЭнин ЧЫГАРУУГА КАТЫШКАН ИШКАНАЛАР

Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты. Директору Т. С. СУВАНБЕРДИЕВ, башкы инженери З. З. ВАЛИТОВ, ондуруш бөлүмүнүн начальниги В. С. АГРАНАТ, башкы технологу Ж. ШАЙЫКБЕКОВА, линотипчилер З. Х. ХАСАНБАЕВА, Н. М. ГНЕННАЯ, корректорлор К. БУТЕШЕВ, А. РЫСАЛИЕВ, вариоклишограф операторлору А. И. ГУРЬЕВ, Ш. САКЕЛОВ, вёрсткачы А. С. ЛОБАНЦЕВ, басуучулар А. А. ХИЛЬЧЕНКО, Ф. И. КОРЖЕНЕВСКАЯ, В. Н. ЗНАМЕНСКИЙ, мукабачылар А. К. РУСАК, З. В. КАЗАКОВА, Г. А. ЕРЕМИНА.
СССР Министрлер Советинин геодезия жана картография боюнча башкы башкармасына караштуу фабрика. Директору Г. П. РАЙЗМАН, башкы инженери Ю. Г. СМОЛИЧ, пландоо-ондуруш бөлүмүнүн начальниги В. К. ТОЛМАЧЕВ, цех начальниктери [illegible] В. БАРАНОВСКИЙ, Ю. Ф. СЕМЕНОВ, жооптуу редактор Л. А. ГУСЕВА, тех. редактор М. А. ПА[illegible] тех. корректор Т. Т. РАЗУВАЕВА, корректор Е. В. КРАМСКАЯ, тех. чиймечи Е. А. ЗАБОТИНА, сынамыкчы (пробист) Т. В. ФОМЕНКО, басуучу О. И. ПАШКОВ.
Эмгек Кызыл Туу ордендүү № 2 Москва типографиясы. Директору Ю. А. КУЛЕШОВ, ондуруш бөлүмүнүн начальниги З. А. ПОТИКЯН, оюнку басма цехинин технологу Э. В. ТАРАСОВА.
Бул томго ТАСС, «Советская энциклопедия» басмасы, Кырг. ТАГ, Кыргыз ССР мамл. кино-фото-фонодокументтер архиви, Кыргыз мамл. Эмгек Кызыл Туу ордендүү академиялык драма театрынын музейи сыяктуу мекемелердин фотосүрөт материалдары ж-а А. АБДЫГУЛОВ, В. Г. АТАЕВ, Ш. КАЧАГАНОВ, В. С. МИТРАКОВ, Л. Г. ЮРЧЕНКО ж. б. фотографтардын сүрөттөрү пайдаланылды. Баттамаларды даярдоого В. Ф. ВАСИЛЬЕВ, Р. Б. НУДЕЕВ, А. А. ХОЛОДУЛЫНИН ж. б. худ. сүрөтчүлөр катышты.

654014

П

ПИРС Чарлз Сандерс (10.9.1839, Кембриж, Массачусетс — 19. 4. 1914, Милфорд, Пенсильвания) — амер. философ-идеалист, логик, математик ж-а табият таануучу, прагматизмдин ж-а семиотиканын негиздөөчүсү. Амер. илимдер ж-а иск-во академиясынын (1877), Улуттук илимдер академиясынын (1879) мүчөсү. П-тин философиясында бири бирине кайчы келген эмпириялык, позитивисттик ж-а объективдүү идеалисттик тенденциялар айкашкан. П. агностицизмди сындаса да, билимдин тууралыгына шек келтирген. П. матем. логиканын ж-а семиотиканын өнүгүшүнө өзгөчө салым кошкон.

ПИРСОН ИПРИ СЫЗЫГЫ — $\frac{dy}{dx}=\frac{x+a}{b_0+b_1x+b_2x^2}y$ дифференциал теңдемесин канааттандыруучу (б. а. бөлүштүрүү тыгыздыгынын x ке көз карандылыгын көрсөтүүчү) $y=y(x)$ ийри сызыктардын тобу. Мында a, b_0, b_1, b_2 — чыныгы сандар. П. и. с. x интервалынын өзгөрүшүнө ж-а a, b_0, b_1, b_2 параметрлеринин маанисине жараша 12 түргө бөлүнөт. П. и. с-на нормаль бөлүштүрүү, Стьюдент бөлүштүрүүсү ж. б. мисал боло алат. Ар кандай $y(x)$ П. и. с. анын биринчи төрт моментин берүү м-н бир маанилүү аныкталат: $\alpha_{\nu}=\int_{-\infty}^{\infty} x^{\nu}\, y(x)dx$, $\nu=1, 2, 3, 4$. Ушул каалаган негизинде П. и. с. $p(x)$ белгисиз тыгыздыкты жакындаткан элестетүү үчүн матем. статистикада пайдаланылат. П. и. с-н алгачкы жолу (1894) англис математиги К. Пирсон эмпирикалык тыгыздыкты түзүүдө колдонгон.

ПИСАРЕВ Дмитрий Иванович [2(14). 10. 1840, Знаменский кыш., азыркы Липецкий обл.— 4(16). 7. 1868, Дубельи, азыркы Латыш ССРиндеги Юрмала ш-нын бир бөлүгү, Петербургга коюлган] — орус публицисти ж-а ад-т сынчысы, материалист философ, рев-ячыл демократ. Дворян үй-бүлөдөн. Петербург ун-тин бүткөн (1861). 1859—66-ж. журналдарда иштеген. Самодержавиени кулатууга үндөгөн легалсыз макаласы үчүн 1862—66-ж. түрмөдө жаткан. Эмгектеринин далайын ошондо жазган. «19-кылым схоластикасы» (1861) аттуу туңгуч эмгегинде эле эмгекчилерге жан тарткан ойлор айткан. Өлкөдө рев-яның күчөшү, рев-ячыл демокр. лагерь м-н жакындашы П-дин саясий ишмердигинин кыйла өйдөлөткөн. Социализм маселелери П-дин «Эмгек тарыхынын очерки» (1863), «Коробуэ!» (1865), «Генрих Гейне» (1867) деген макалаларында иштелет. П. 60-жылдардагы кырдаалга караганда рев-я жасаш мүмкүн эмес деп эсептеп, коомду кайра куруу ишинде илимге негизги роль таандык деген. Мунусу П-дин рев-ячыл демокр. жолдон четтешине алып келген («Эски мырзачылык», 1868). Ошондой болсо да П. «жумушчу маселеси» рев-ячыл жолм-н радикалча чечилет деген ишенимде жүргөн [«Тарыхый эскиздер» (1864), «Мектеп жана турмуш» (1865), «Француз дыйканы 1789-жылы» (1868) деген макалалар], идеализмди ж-а диңди катуу сындап, табият илимдерин, дарвинизмди пропагандалаган.

Адабий чыг-лыгынын башталышында асылдыктын объективдүү мацызын тааныган эмес, иск-водогу мазмундун маанисин м-н коомдук мамилелердин ролун кийинчерээк гана жактай баштаган. Тургеневдин, Гончаровдун, Писемскийлердин романдарын жогору баалаган. Бирок бир кезде агартуучулук ишке ашкере көңүл оодарып жибергенинен П-дин иск-во элдин билим алышына кедерги болот деп, Белинскийдин эстет. көз караштарына каршы чыккан жерлери да бар. Анткен м-н П-дин ад-т сыны б-ча эмгектери — учурдун маанилүү коомдук маселелерин курч көтөрө билген жалындуу рев-ячыл публицистиканын мыкты үлгүлөрүнөн.

Чыг.: Соч., т. 1—4, М., 1955—56; Избр. произв., Л., 1968.

Лит.: Ленин В. И., О литературе и искусстве, М., 1957 (см. указ.); Соловьёв Е. А., Д. И. Писарев, [4 изд.], Берлин—П.—М., 1922; Козмин Б. П., Писарев и социализм, в его кн.: Литература и история, М., 1969; Маслин А. Н., Д. И. Писарев в борьбе за материализм и социальный прогресс, М., 1968; Демидова Н. В., Писарев, М., 1969.

ПИСАРСКОЙ Евгений Гаврилович (13. 12. 1918-ж. т., Москва обл., Шахон р-ну, Филенино кыш.) — сов. архитектор. Кыргыз ССР эмг. сиң. архитектору (1974). Москва арх-ралык техникумун (1939) бүтүргөн. 1947-жылдан Кыргыз мамл. курулуш долбоорлоо ин-тунда бөлүмдүн ж-а долбоорлордун башкы архитектору, Кырг-н архитекторлор союзунун башкармасынын пред-ли (1949—59, 1968—76) болгон. П-дун чыг-лыгы Кырг-н арх-расы ж-а шаар куруу өнөрүнүн тажрыйбасы м-н тыгыз байланыштуу. Ал реси-кадагы эл жашаган ири пункттардын ж-а шаарлардын генпландарын иштеп чыгууга (1948—65) активдүү катышкан; сүрөтчүлөр үйү, соода ж-а машина куруу техникумдарынын, айрым админ. ж-а мед., физ-ра ин-ттарынын ж. б. имараттарын (1965—75) долбоорлогон. Көрүнүктүү эмгектери: Фрунзе ш-ның Совет — Москва көчөлөрүндө 9 кабаттуу турак үйлөр, «Кыргызстан» мейманканасы, Радио үйүнүн комплекси, типтүү «98» жана «105» сериялуу турак үйлөрдүн долбоору ж. б. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Архитектура города Фрунзе, Фр., 1965; Город становится краше, Фр., 1973.

ПИСИСТРАТ (б. з. ч. 6-к.) — афины тираны, б. з. ч. 560—527-ж. кез-кези м-н башкарган. Уруу ак сөөктөрүнө каршы дыйкандар м-н майда кол өнөрчүлөр, соодагерлер мүдөөсүндө саясат жүргүзгөн. Евпатридерден алынган жерлерди кедейлерге берип, жеңилдик шартта мамл. кредит уюштурган, кедейлерди иш м-н камсыз кылып, согуштан майып болгондорго мамл. жардам чектеген. П. басып алган Пангей алтын, күмүш кенин иштетип, мамл. акча жасаткан. Жалданма аскер түзгөн. П-тын башкаруу убагында Афины Грециянын маданий борборуна айланган.

ПИТЕКАНТРОП (гр. pithēkos — маймыл ж-а ánthropos — адам) — эң алгачкы адамдар тобу — архантроптордун өкүлү. Аның сөөгүн голл. окумуштуу Э. Дюбуа 1890—92-ж. Ява а-нан тапкан. П. кадимкидей жакшы баса билиши, мээсинин чоңдугу (орточосу 900 $см^3$) ж-а татаалдыгы м-н айырмаланган. Ал мындан 500—700 миң жыл, жаңы маалыматтар (1972) б-ча 1,2 млн жыл мурда жашаган.

Лит.: Урысон М. И., Питекантропы, синантропы и близкие им формы гоминид, в сб: Ископаемые гоминиды и происхождение человека, М., 1966.

ПИТОНДОР (Pythoninae) — жыландар тукумчасы. Чыгыш ж-а Батыш (Борб. Америка) жарым шарлардын бир аз бөлүгүнө таралган. Алардын 6 уруусунун 22 түрү белгилүү. Кадимки П. уруусунун 7 түрү бар. Аның 3 түрү тропик Африкада, калганы Түш. ж-а Түш.-Чыгыш Азияда кездешет. Уз. 1,5—10 *м*, салм. 100 *кг*га жетет. Камыштын, таштын ж. б. арасында жашап, сууда жакшы сүзөт, чоң даректарга сойлоп чыгат. Негизинен сүт эмүүчүлөр, о. эле ири таш бака ж-а кур бакалар м-н азыктанат. Азыгын тиштеп, денеси м-н кысып, өлтүрүп жутат. П. уз. 9 *смге*

жеткен 107дей жумуртка туун, денесинин астында басып, балдарын чыгарат. Алар 25 жылча жашайт. Ай-



рым П-дун эти желет, кобунун терисинен түрдүү буюмдар жасалат.

ПИТРА Юрий Юрьевич (26. 3. 1914-ж. т., Украин ССРи, Закарпат обл., Ирша р-ну, Билки кыш.) — эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1958, 1977). СССР мамл. сыйл. лауреаты (1976). Украин ССРинин а. ч-га эмг. сиң. кызматкери (1974). 1951-жылдан КПСС мүчөсү. 1948-жылдан УССРдин Закарпат обл-ндагы Ирша р-нунун «За нове життя» с-возунда жүгөрү өстүрүүчү звенону башкарат. Ал жетектеген звенодо жүгөрүнүн түшүмү гектарынан орт. 113 *ц*ден айланган. 1977-ж. 100 *га*ның гектарынан 110,1 *ц* түшүм алынган. СССР Жог. Советинин (6—9-шайл.) депутаты. Украина КПнын 22-съездинин делегаты. Эки Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, Октябрь Революциясы ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

ПИТСБУРГ — АКШнын түн.-чыгышындагы шаар. Пенсильвания штатында. Огайо д-ныи жээгинде. Калкы 500 мин (1974). АКШдагы ири о. ж. борборлордун бири. Маанилүү соода жай ж-а транспорт тоому. О. ж-ныи негизги тармагы — кара металлургия. Оор ж-а транспорттук машина куруу, о. ж. жабдуу, жол курулуш машина, электр-тех. ж-а радио электрон, химия, айнек, тамак-аш ж. б. өнөр жай ишканалары иштейт. Шаарда 3 ун-т, технол. ин-т, планетарий ж. б. бар. П. 18-к-дын ортосунда негизделген.

ПИФАГОР Самосский (б. з. ч. 570—500-ж. ченде) — байыркы грек ойчулу, диний ж-а саясий ишмер, *пифагореизмдин* негиздөөчүсү. П-дун өмүр баяны м-н илими ж-догу жарыбаган аз маалыматтарда ал жарым кудай, жеткен акылман, бүткүл античный ж-а жакынкы чыгыш климдеринин мураскери, укмуштарды жаратуучу катары көрсөтүлөт. Поликраттын катаал бийлигине нааразы болгон П. өзү туулган Самос а-нан кеткен. Орто жашында (уламышка караганда 40тар чамасында) Түш. Италияда Кротон ш-на байыр алып, өзүнүн жолун жолдоочулардын жабык коомун (топ) негиздеген. Матем. тармагындагы көптөгөн окуулар П-дуку деп эсептелинет.

Ад.: Болгарский Б. В., Очерки по истории математики, М., 1974.

ПИФАГОРЕИЗМ — байыркы Грециядагы (б. з. ч. 6—4-к.) санды бардык нерсенин негизги принциби деп эсептеген диний-филос. окуу. Адегенде П. жашырын сыр катары Пифагор уюштурган жамаатта ооздон оозго өткөн. Аны кагаз бетине алгач Филолай түшүргөн. П. *Платондун* убагында биротоло калыптанган. Ал перселердин тышкы түрүнө, арифм.-геом. түзүлүшүнө өзгөчө көңүл бурган. П. б-ча жан — материалдык эмес кубулуш. П. идеялары о. кылымга ж-а киринки мезгилге чейин жеткен.

ПИФАГОР САНЫ — үч бурчтуктун жактарынын узундугу пропорциялаш (же барабар) болгондо, ал тик бурчтуу үч бурчтук боло тургандай натуралдык үч сан. П. с. болуш үчүн $x^4+y^4=z^4$ *диофант тендемесин* канааттандыруу жетиштүү; Мис., $x=3$, $y=4$, $z=5$ сандары П. с. Оз ара үч жөнөкөй П. с-н $x=m^2-n^2$, $y=2mn$, $z=m^2+n^2$ формулалары аркылуу алууга болот, мында m, n — бүтүн сандар, $m>n>0$.

ПИФАГОР ТЕОРЕМАСЫ — геометрияда тик бурчтуу үч бурчтуктардын жактарынын байланышын аныктоочу теорема. П. т-ныи далилдемеси Пифагорго (б. з. ч. 6-к.) таандык деп эсептелет. Алгачкы жолу теорема тик бурчтуу үч бурчтукта гипотенуза м-н катеттерде түзүлгөн квадраттардын ортосундагы катышты мүнөздөгөн: гипотенузада түзүлгөн квадрат катеттерде түзүлгөн квадраттардын суммасына барабар. П. т. көбүнчө төмөнкүчө окулат: тик бурчтуу үч бурчтукта гипотенузаның квадраты катеттердин квадраттарынын суммасына барабар. Тескери теоремасы: эгерде үч бурчтуктун бир жагынын квадраты калган эки жагынын квадраттарынын суммасына барабар болсо, анда бул үч бурчтук тик бурчтуу болот.

ПИЦУНДА — Абхаз АССРиндеги климаттык курорт. Кара деңиздин жээгиндеги Пицунда түмшугунда. Гагра ш-нан 20 *км* түш. тарапта. Калкы 9 мин (1978). Жайы жылуу (августтун орт. темп-расы 23°С), кышы мелүүн, жылуу (январдын орт. темп-расы 6°С); жылдык жаан-чачыны 1410 *мм*. Анда *аэротерапия, күнгө күйүү*, суюга түшүү (майдан октябрдын аягына чейин) м-н дем алуу органдарынын ооруларын (туберкулёздон башка), нерв системанын функциялык бузулууларын, аз кандуулукту дарылайт.

Ад.: Чикваидзе П., Курорт Пицунда, Тб., 1971.

ПИЧУГИН Дмитрий Николаевич (1907—11. 4. 1947, Ош ш.) — Сов. Союз Баатыры (24. 3. 1945). Чалгынчылар взводунун командири, лейтенант. 1943-жылдан КПСС мүчөсү. 1941-ж. Сов. Армияга чакырылган. Улуу Ата Мек. согушта Москванын жанындагы салгылашка катышкан. 1944-ж. 26-июндун таңында П. баштаган чалгынчылар тобу Днепрден душмандын тылына өтүп, Шклов—Могилёв шоссесинде (Белоруссия) фашист офицерлер келаткан жеңил машинаны талкалап, баалуу документтерди ж-а душмандын таянып чыгуучу пункттарынын картасын тартып алган. Көп узабай кантап келген фашисттерден П-дин чалгынчылары шоссени ж-а плацдармды туруктуулук м-н коргогон. П. төрт жолу жарадар болгон. Армиядан 1946-ж. демобилизацияланып, өмүрүнүн акырына чейин Ош ш-нда жашаган.



Д. И. Пичугин.

Ад.: Оморов К., Немеркнущая слава, в кн.: Бесстрашные сыны Киргизстана. Очерки о Героях Советского Союза, Фр., 1962.

ПИШПЕК (кыргызча *бишкек* деп өгөндөй) — шаар; *Фрунзе* ш-ныи 1926-жылга чейинки аталышы, к. атайын том — *Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы*.

ПИШПЕК АЙЫЛ ЧАРБА МЕКТЕБИ — бак өстүрүүчүлөрдү даярдоочу кыргыз мектеби. Ал 1890-ж. ачылган. Анда 20 орундуу балдар пансиону уюштурулган. Алгачкы жылдары орус илимпоз-багбаны А. М. *Фетисов* башкарган. 1894-ж. башталгыч а. ч. мектебине айландырылып, Пишпек шаардык башкармасынан Жер ж-а мамл. мүлк мин-восуна берилип, 1898-ж. анда кол оңоручулук класстары ачылган. 1912-ж. биринчи разрядагы мектепке айланган. Анда арифметика, орус тил, геометрия, жер өлчөө, тарых, география, багбанчылык, аарычылык, огородчулук, жүзүмчүлүк, дыйканчылык, талаачылык, мал чарбачылык, физика, химия, ботаника ж. б. б-ча сабак окутулган. 1893—1914-ж. мектепти 54 киши бүтүргөн. Мектеп 1918-ж. жабылган.

«ПИШПЕКСКИЙ ЛИСТОК» — Кырг-ндагы биринчи сов. газета. Пишпек у-дик Эл депутаттар советинин органы катары 1918-ж. 10-мартан орус тилинде чыгат. Тиражы 200—500. Алгачкы редакторлору Г. И. *Швец-Базарный*, И. А. Алексеев. «П. л.» эки бөлүктөн туруп, биринчисинде сов., парт. уюмдар м-н мекемелердин учурдагы милдеттерин белгилеген буйруктар, токтомдор ж. б. документтер, шаар м-н уезд турмушундагы саясий, экон. кабарлар жарыяланып, экинчисинде көркөм чыгарма, фельетон, ар кыл кулактандыруулар басылып турган. «П. л.» олкодогу окуялар м-н өз маалында тааныштырып, большевиктер м-н кыргыз кедейлеринин байланышын чыңдоодо ж-а кыргыз элинин оңгүүсүнө зээлтен тоскоол болуп келген феод.-патриархалдык көрүнүштөргө, улутчулдукка каршы күрөшүүдө маанилүү роль ойногон. Ал 1919-ж. ноябрдан Пишпек у-дик комитетинин органы катары «Красное знамя труда» («Эмгектин кызыл байрагы»), 1920-жылдын апрелинен РКП(б)нин ж-а Коммунисттик Жаштар Союзунун у-дик комитеттеринин, у-дик рев-ячыл аскер комитетинин органы катары «Красное знамя» («Кызыл байрак») газетасы деп чыккан.

ПИШПЕК СОЛДАТ, ЖУМУШЧУ ДЕПУТАТТАР СОВЕТИ 1918-ж. мартта негизделген. 1918-жылдын аягына чейин Пишпектеги Солдат депутаттар совети м-н Жумушчу депутаттар совети эки болок иштеп, биринчиси Солдат ж-а офицерлер депутаттарынын совети деп аталган. Алар 1918-ж. 31-мартта Солдат жумушчу ж-а офицерлер советине бириккен, 1918-жылдын майынан П. с., ж. д. с. аталган. Советке алгач бурж. партиялардын өкүлдөрү киргендиктен аның ролу төмөндөгөн. Советтерди большевиктештирүүнүн натыйжасында ал эксплуататордук элементтерден тазаланган. 1918-ж. 1-январда советтин пред-лдигине Г. И. *Швец-Базарный* шайланып, өшол күнү совет Петроград м-н Ташкендеги Совет бийлигин тааныган. 1918-ж. 11-февралда Пишпек солдат, жумушчу депутаттарынын 1-съезди болуп, Пишпек у-нде Совет бийлигинин жеңишин жарыялаган. 1918-ж. 1-мартта Совет Пишпек у-дик эл депутаттар совети деп аталган. 1918-ж. 10-мартан бул советтин органы *«Пишпекский листок»* газетасы чыга баштап, совет бийлигин чыңдоо үчүн активдүү күрөшкөн.

Ад.: Зима А. Г., Победа Октябрьской революции в Киргизии, Фр., 1966.

ПИШПЕКТЕГИ 1917-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЬ КООМУ — Пишпектеги солдаттардын митингисинде большевиктер түзгөн эмгекчилердин массалык уюму. Пред-ли Г. Безбородов, секретары П. Бигель. Коомдун атынан большевиктер өз өкүлдөрүн ар түрдүү заседаниего, съездге жиберип, башкаруу ишине катышкан. Аның атынан 1918-ж. 16-январда большевиктер Г. Безбородов, П. Бигель, Абрамов *Пишпек солдат, жумушчу депутаттар советине* мүчөлүккө киргөн. Коомдун программасы, уставы болбогону м-н Пишпек у-нде советтерди большевиктештирүүдө, Совет бийлигин орнотууда маанилүү роль ойногон. Пишпек у-нде Совет бийлигинин орношу м-н коом таратылган.


Ад.: Зима А. Г., Победа Октябрьской революции в Киргизии, Фр., 1966.

ПИШПЕК УЕЗДДИК АЗЫК-ТҮЛҮК СЪЕЗДИ 1918-ж. 14—15(27—28)-январда Пишпек ш-нда өткөн. Съезд Жети-Суу областынын дыйкандар советинин 2-съездинен кийин өтүп, аның чечимдеринин негизинде уездги бийлик ж-а азык-түлүк маселесин талкуулаган. Съездге 41 айылдык советтен делегаттар ж-а уезддин аймагында убактылуу жашаган дыйкандардан өкүлдөр катышкан. Съездге катышуучулар азык-түлүк маселеси б-ча элдин кызыкчылыгын жактаган бекем бийликсиз бул маселе чечилбейт, бийлик жүргүзүп жаткан «Союз совети» (уездги бурж. жог. бийлик) күчсүз, эл массасы аны колдобойт деген тыянакка келишкен. Съезд бардык чарб. кыйынчылыктарды Жумушчу, солдат, дыйкан ж-а мусулман депутаттар советинин бийлиги чече ала тургандыгын белгилеп, «Союздар советин» таратуу, Жумушчу, солдат, дыйкан советтерине шайлоо өткөрүп, бийликти ага берүү ж-дө чечим кабыл алган. Съезд Совет бийлигинин жеңишин көргөө максатында ар бир айылдык советти уездде түзүлүүчү көшүүнга 5тен куралдуу киши жиберүүгө милдеттендирген.

Ад.: Кыргыз ССР тарыхы, 2-т., Фр., 1973; Зима А. Г., Победа Октябрьской революции в Киргизии, Фр., 1966.

ПИШПЕК УЕЗДДИК СОЛДАТ, ЖУМУШЧУ, ДЫЙКАН ДЕПУТАТТАР СОВЕТИНИН I СЪЕЗДИ 1918-ж. 24(11)-февралда Пишпек ш-нда өтүп, негизинен бийлик маселесин караган. Съездге жерг. советтерден 66 делегат катышып, дээрлик бардыгы Совет бийлигин жактаган, уезддик советтин аткому ж-а аның секциялары түзүлгөн. Советтин президиумуна 7 киши (үчөө кыргыз), пред-лдигине Г. И. *Швец-Базарный* шайланган. Кыргыз депутаттар да Советтин бардык секцияларына мүчө болуп, Совет мамлекетин курууга активдүү катышкан. Съезд Совет бийлигин тааныгандыгы ж-дө Пишпек у-нин Ташкендеги өкүлүнө телеграмма жиберип, большевиктер партиясы жетектеген эмгекчилердин күрөшүнүн натыйжасын — Пишпек у-нде Совет бийлигинин жеңгендигин жарыялаган.

ПИЯЗ (Allium) — лилиялар тукумундагы эки же көп жылдык чоп өсүмдүгүнүн уруусу. Жалбырагы ширелүү, көндөй түтүкчө; кырдуу, тасма сымал; түнкү кыска сабакка жайгашкан. Топ гүлдүү, гүлү майда, ак, кызгылт, сары, жашыл түстүү, эки жыныстуу, кайчылаш чаңдашат. Мөмөсү — үч кырдуу чанак, уругу ка-



Өзөктүү пияз:
1 — топ гүлү;
2 — гүлү;
3 — гүлдүү пияз.

ра, кабыгы катуу. Түн. жарым шарда 400дөн ашык, СССРде 230дай түрү белгилүү. Көңири пайдаланылган түрү — баш пияз. Ал эки же төрт жылдык. Алгач О. Азия, Афг-нда эгилген. Сортуна жараша тоголок, сүйрү болот да, саргыч, кызгылт кабык м-н капталат. Анда 2,4—14% кант, 2—13,9 *мг*% С витамини, 12—162 *мг*% эфир майы (П-га ачуу даам берет), жалбырагында 25—47 *мг*% С витамини, 1,3—5,9 *мг*% каротин бар. П. тамак-ашка кеңири, о. эле дарылыкка да пайдаланылат. 1 *га* жерден 4 тдай түшүм алынат. Күрдүү, өтөөсүз, жумшак, нымдуу топуракта жакшы өсөт. СССР, АКШ, Болгария, Испания, Египет, Франция, Италия, Японияда арбын айдалат. Зыянкечтери: пиязчы чымын, пияз күбөсү, тамеки трипси ж. б. Илдеттери: пияз чириги, пияз кебери, кара көсөө. Пдын негизги түрлөрү: батун-П. же кыштык түтүк, порей-П. же бермет П., шалот-П. же тарам П., сарымсак, шнитт-П. ж. б.

Ад.: Казакова А. А., Лук, Л., 1970.

ПИЯЗ ТҮП (bulbus) — өсүп жетилбеген, жер астындагы өтө кыска түрүн өзгөрткөн *өркүн*. П. т. суу ж-а азык зат топтолуучу ширелүү катмарлардан (жалбырактар) турат. Аның түп жагындагы нык бөлүгү түпчө деп аталат. Өсүмдүк оскон сайын эң сыртқы катмарлары жукарып курган, аны кургакчылыктан сактайт. Түпчөдөгү чоку бүчүрдөн гүл сабагы, түпчөсүнүн жанынан жыл сайын жаңы майда П. т. өсүп чыгат. Булар аркылуу вегетатив көбөйүү өтөт. Түпчөсүнүн төмөн жагынан көмөкчү тамырлар өсөт. Айрым П. т. тамырсабакта калыптанат. Жер астындагы П. т-төн башка кай бир өсүмдүктөрдүн (сарымсак, пияздын кээ бир түрлөрүндө) жер үстүндөгү П. т-төрү болот, алар гүлдөрдүн арасында өөрчүйт.

ПИЯЗ ТҮПТҮҮ ӨСҮМДҮКТӨР — көбүнчө жер астында пияз түп байлоочу өсүмдүктөр. П. т. о. бир үлүштүү лилиялар, амариллистер, касатиктер тукумундагы өсүмдүктөрдө кеп кездешет. Эки үлүштүүлөрдө аз. П. т. о. негизинен кургак, ысык жерде өсөт. П. т. о-дун ичинде эфемероиддер көп. Алар жаанчыл жазда тез өсүп жетилип, гүлдөйт ж-а мөмөлөйт. Көбүнчө Жер Ортолук деңиз жээги, Түш.-Батыш ж-а Борб. Африка, Борб. ж-а Түш. Америка П. т. о-дун түрлөрүнө бай. СССРде — О. Азияда, Кавказда түрдүү мандалак, лилия, байчечекей, пияз, гиацинт ж. б. өсөт. Көбүнчө тамак-ашка, медицинада колдонулат, о. эле кооздук үчүн өстүрүлөт.

ПИЯЗЧЫ ЧЫМЫНДАР — кадимки ж-а ысылдак чымындар тукумунун бир нече түрү; пияздын коркунучтуу зыянкечи. Европа, Азия, Түн. Америкада; СССРде пияз эгилүүчү бардык райондордо тараган. П. ч-дын курту пияздын жумшак сулуун жеп, чиритет. Сабагы саргайып, солуйт. Алар пияз, сарымсак, мандалак, нарцисс, кээде картошка, сабиз, кызылчаны зыянга учуратат. Күрөш чарасы: топ-дурма айдоо, пиязды уругун эрте себүү ж-а көчөтүн маалында отургу-

зуу, пдетсиз таза кочот пайдалануу, себүү алдында инсектицид чачуу.

ПЛАВИК КИСЛОТАСЫ, к. *Фтордуу суутек.*

ПЛАВИК ШПАТЫ — минерал, фтордуу суутек; *флюоритин* озү.

ПЛАВТ Тит Макций (б. э. ч. 3-к-дын ортосу, Сарсина, Умбрия—184-ж. чен, Рим) — байыркы рим комедиячысы. П-тын 21 комедиясынын 20сы толук, бирөө үзүндү түрүндө бизге жеткен. Анын чыг-ларында салттуу сюжеттер, карнавал оюндары м-н буффонада, клоунаданын, пантомиманын, жандуу диалогдун ж-а ариянын элементтери, каррикатуралык ж-а гротесктик ыкмалар арбын. П-тын комедиялары ширелүү элдик тили, шарттуулугу м-н айырмаланат. Анын комедияларынын сюжеттерин айрым драматургдар (У. Шекспир, Мольер, К. Гольдони) өз чыг-ларында пайдаланышкан.

Чыг.: Избр. комедии, М., 1967.

Ад.: Савельева Л. И., Приёмы комизма у Плавта, Казань, 1963.

ПЛАГИАТ (лат. plagio — уурдайм дегенден) — автордун же ойлоп чыгаруучунун укугун бузуунун бир түрү; биröөнүн чыгармасын (илм., адабий, муз.) же ойлоп тапканын, рационализатордук сунушун (бүт бойдон же бир бөлүгүн) кайдан алгандыгын көрсөтпөй өзүнүкү катары пайдалануу. Сов. закон б-ча П. кылган адам жазаланат.

ПЛАГИОКЛАЗДАР (гр. plágios — чалыр ж-а klásis — талкалоо, чагуу) — *талаа шпаттар* тобундагы, жаратылышта кеңири таралган, тоо тек түзүүчү минералдар. П. башы *альбит* — $Na[AlSi_3O_8]$ м-н башталып, аягы *анортит* — $Ca[Al_2Si_2O_8]$ м-н бүткөн изоморфтуу катарды түзөт. П. составындагы анортиттин процеттик өлчөмүн көрсөтүүчү номерлер м-н белгиленип, негизги 6 минералга бөлүнөт (к. таблица). Составындагы SiO_2 б-ча кычкыл, орто ж-а негиздүү П-га бириктирилет.

Топ	Аты	Өлчөмү (%)		№
		альбит	анортит	
Кычкыл	Альбит	100—90	0—10	0—10
	Олигоклаз	90—70	10—30	10—30
Орто	Андезин	70—50	30—50	30—50
Негиздүү	Лабрадор	50—30	50—70	50—70
	Битовнит	30—10	70—90	70—90
	Анортит	10—0	90—100	90—100

Триклин системасында кристаллданат, адатта кош татаал кристаллдар түрүндө. Салышт. салм. 2,62—2,76, катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 6—6,5. П-дын негизги массасы магманын кристаллдануусунда пайда болот: алар магма тоо тектеринин негизги составын түзөт. Контакт-метаморфизм тоо тектери (скарн, роговик ж. б.) м-н гидротерм тарамдарында (альбит) да кезигет. Сосюрит, скаполит, хлорит, серицит, гранат ж. б. минералдар м-н оңой аралашат, үбөлөнүүдөн каолинит, монтмориллонит сыяктуу чоно минералдарына өтөт. Түрдүү түстө кубулжуп туруучу олигоклаз (ай таш) ж-а *лабрадор* кооздук таш катары колдонулат.

Ад.: Марфунин А. С., Полевые шпаты — фазовые взаимоотношения, оптические свойства, геологическое распределение, М., 1962.


ПЛАЗМА (гр. plásma — дал келтирилген, жасалгаланган) — жалпы заряды нолго барабар болгон, оң ж-а терс заряддалган бөлүкчөлөрдөн турган газ. П. заттардын **төртүнчү абалы** деп аталат. «П.» терминин илимге амер. илимпоздор И. Ленгмюр, Л. Тонкс 1923-ж. киргизген. Акыркы жылдарга чейин жаратылыштагы заттар катуу, суюк ж-а газ абалында деп эсептелген. Катуу заттардын атому ж-а молекуласы бири-бири м-н бекем байланышып, бош кыймылдай алышпайт. Суюктуктун атомдору (молекулалары) начар байланышкандыктан эркин кыймылда болот, бирок ал кыймыл белгилүү закон ченем м-н чектелген. Газдарда болсо атомдор (молекула) эркин, атомдун составындагы электрондор гана белгилүү орбиталарда *квант механикасынын* закону б-ча кыймылдайт. Ал эми П-да электрондор да атомдон ажырап, эркин кыймылдайт, б. а. П-дагы бардык бөлүкчөлөр ирээтсиз кыймылда болот. П-дагы бош электрондор электр тогун өткөрүүгө жөндөмдүү болгондуктан, кээде П. **ток өткөрүүчү же иондошкон газ** деп да аталат. Жаратылышта заттардын эң кеңири таралган абалы — П. Күн ж-а жылдыздар өтө жог. темп-радагы ысык П. катары каралат. Жерде П. алуунун көп жолу бар. Эгер газдарды же кандайдыр бир заттардын буусун 1000°С-ден жогору ысытса, анда бул газ жаркырай баштайт. Темп-ра жогорулаган сайын аның жаркырактыгы күчөп, бул абалда газ өзүнөн нур чыгарат. Газдын темп-расына жараша андагы атомдордун ж-а молекулалардын *кинетикалык энергиясы* көбөйөт. Мындай жог. энергиядагы атомдор ж-а молекулалар бири-бири м-н урунушканда газдарда бош электрондор ж-а иондор пайда болот. Анткени чоң энергиядагы эки атом кагылышканда бир атом өзүнүн сырткы орбитасынан бир электронун жоготушу мүмкүн. Натыйжада электронун жоготкон атом оң заряддалган ионго айланат. Бөлүнүп чыккан электрондор бейтарап молекула же атомго кошулуп, терс заряддалган иондорду пайда кылат. Демек, жог. темп-радагы газ сан жагынан бири бирине барабар болгон оң заряддуу иондордон ж-а терс заряддуу электрондордон турат. Жогорудагы аныктамага жараша газдардын мындай абалы илимде П. деп аталат. П. темп-расы 3000—100 000°С болгон жалындын, учкундун, электр жаасынын ж-а ар түрдүү электр разряддарынын жардамы м-н алынат. Темп-ра жогорулаган сайын иондошуу даражасы көбөйөт. Иондошуу даражасынын темп-рага көз карандылыгы Сах формуласы м-н аныкталат:

$$\frac{M_0}{N_0}=\frac{A}{N_e}\left(kT\right)^{3/2}exp\left(-\frac{E_i}{\kappa T}\right);$$

мында M_0, N_0, Ne — иондун, атомдун ж-а электрондун концентрациясы (саны); E_i — иондошуу үчүн сарпталган энергия; T — газдын темп-расы; A, κ — туруктуу сандар. Иондошуу даражасы темп-рага пропорциялаш болгондуктан газдын темп-расы жүз миңдеген градустан жогорулаганда атомдор өзүнөн көчүүлүк электронун же бардык электронун жоготушу мүмкүн. Мындай газдар жог. даражада же толук иондошкон П-га айланат. Буга Күн, жылдыздар ж-а термоядролук реакцияны берүүчү П. мисал боло алат. П-нын негизги чоңдуктарына темп-расы, заряддалган бөлүкчөлөрдүн саны, иондошуу даражасы, электр тогун өткөргүчтүгү кирет. Бул чоңдуктардын жардамы м-н П-нын касиетин толук аныктоого болот. Мис., иондошуу даражасы П-дагы заряддалган бөлүкчөлөрдүн санынын андагы бардык бөлүкчөлөрдүн санына болгон катышы м-н аныкталат. Иондошуу даражасына жараша начар, орточо ж-а толук иондошкон П. деп бөлүнөт. Эгер П-дагы бөлүкчөлөрдүн (атомдун, иондун, электрондун) темп-расы бирдей болсо, анда ал термдик тең салмактуу абалда турган болот. П-нын негизги касиети болгон электр тогун өткөргүчтүгү П-дагы бош электрондордун саны м-н аныкталат ж. б. П-нын негизги чоңдуктарын аныктоочу методдор П-нын диагностикасы деп аталып, азыр эксперименттик физиканын негизин түзөт. Заттардын ж-а газдардын П-лык абалга өтүшү — татаал процесс. П. азыр илим м-н техникада кеңири колдонулат. Ал металлургияда, химияда, жылуулук энергиясын алууда, спектрдик анализде, учуучу аппараттарда ж-а техниканын башка тармактарында кеңири таралган. Акыркы он жылдын ичинде плазмохимия, плазмалык металлургия деген ил. тармактар пайда болду.

Ад.: Гранский В. Л., Вещество в состоянии плазмы, М., 1959; Франк-Каменецкий Д. А., Плазма — четвёртое состояние вещества, М., 1961; Сраевский В. Н., Плазма на земле и в космосе, К., 1974.

ПЛАЗМАТРОН [*плазма* ж-а *(элек)трон*], **плазма генератору** — темп-расы 10^4К плазма агымын алуучу газ разряддык түзүлүш. Жог. темп-рада эрүүчү катод (вольфрам, молибден, атайы куйма ж. б.) м-н куш шакекче (сопло) түрүндөгү суу муздаткычтуу жез аноддун ортосунда болуучу *жаа разрядда* жумуш атмосфера басымында (1 *ат*) иштеген П. 5—50 *кВт* кубаттуулукта 1—5 *г/сек* ылдамдык менен 5000—15 000°К температурадагы плазманы берет. Ал плазманын ылдамдыгы 1—5 *км/сек* ченемдерде болот. Плазмотрондун схемалары 1-сүрөттө көрсөтүлгөн. Плазмотрондун ичинде же сыртында жаа күйүп, ал аркылуу газ өтүп турат. Газ жаа менен тийишкенде ысып, ионго айланат. Плазмотрондун ичинде же сыртында электромагнит талаасы түзүлүп, ал талаа анод шакегин айлануу м-н жаанын ток өткөрүүчү каналын үзгүлтүксүз айлануусуна аргасыздандырат. Жаанын катод ж-а аноддогу солокоту тегерек б-ча айланып, электроддорду тез эритпестен жаа П-дун разрядынын туруктуу болушун камсыз кылат. Жумуш аткаруучу газ камерага спираль каналы б-ча берилет да натыйжада жаа мамысын үйлөөчү газ куюну пайда болот; мындагы муздагыраак газ бор-бордон четтөөчү күчтүн аракети м-н жаадан алыстатылып, камеранын капталын коздой четтетилет. Газдын камерада иондоштурулбаган атомдору (молекулалары) сопло аркылуу



2-сүрөт. Жогорку жыштыктуу плазматрондун схемасы: *а* — индукциялуу; *б* — коломдуу; *в* — факелдүү; *г* — жогорку жыштыктуу; *1* — электр булагы; *2*—разряд; *3* — плазма агымы; *4* — индуктор; *5* — разряд камерасы; *6* — электрод; *7* — толкун өткөргүч.

өткөндө жаанын айлануучу бөлүгүндө иондошот. Электр жаалуу П-догу иштин режимине ж-а түрүнө жараша соплонун кесилишиндеги плазманын темп-расы 3000—25000°Кге жетет. Жог. жыштыктуу П-до эң «таза» плазма алынат. Жог. жыштыктуу П-дун жумушчу жыштыгы ондогон *Мгц* м-н өлчөнөт, плазманын темп-расы 10 000—15 000°К, о. эле ото жог. жыштыктуу П. түзүлгөн, анын жумушчу жыштыгы миң ж-а он миңдеген *Мгц*. Ал энергияны магнетрон генераторунан алат. П.— азыркы техникада «муздак» плазманын негизги булагы.


Ад.: Генераторы низкотемпературной плазмы, М., 1969; Жуков М. Ф., Смоляков В. Я., Урюков Б. А., Электродуговые нагреватели газа (Плазматроны), М., 1973; Физика и техника низкотемпературной плазмы, под ред. С. В. Дресвина, М., 1972.

ПЛАЗМА ХИМИЯСЫ — химиянын төмөнкү темп-далуу плазмада жүрүүчү хим. кубулуштарды ж-а плазма хим. технологияны изилдөөчү тармагы. П. х-нда көбүнчө энергиясы 1 *эвден* ашпаган төмөнкү темп-далык плазма колдонулат. Аның таасиринде заттардын атомдору м-н молекулалары $10^8 \div 10^{11}$ *ион/см*^{3} концентрациядагы иондорду пайда кылат. Бул иондошуу кубулушу чынжырлуу механизм б-ча да ишке ашырылышы ыктымал. Кээде иондорду саны көбөйтүү максатында озү реакцияга инерттүү, бирок, тез иондошууга жөндөмдүү заттар — активаторлор (мис., натрий, литий ж. у. с.) кошулат.

Иондоштуруу кубулушу заттардын бөлүкчөлөрүн активдүү, б. а. реакцияга өтө жөндөмдүү кылгандыктан хим. кубулуштардын ишке ашырылуусунда бул зарыл этаптардын бири. Андыктан П. х-нын негизги милдети — төмөнкү темп-раларда кыйындык м-н жүрүүчү же такыр жүрбөөчү реакцияларды ишке ашыруу, алардын түрдүү шартка байланыштуулугун изилдөө ж-а бул кубулуштардын механизмдерин аныктоо. Азыр П. х. ширетүү ишинде, жог. темп-рада эрүүчү заттардын кристаллдарын өстүрүүдө, азоттун кычкылы, ацетиленди алуу сыяктуу хим. синтездерде колдонулат; составдык бөлүкторго ажыроосу кыйын минералдарды ажыратууда пайдаланылат.

Ад.: Очерки физики и химии низкотемпературной плазмы, под ред. Л. С. Полака, М., 1971.

ПЛАЗМА ЫЛДАМДАТКЫЧТАРЫ — магнит талаасынын таасири аркылуу же башка жолдор м-н плазманы ылдамдатуучу установка. Биринчи П. ы. космосто учуучу ракеталык аппараттарга плазмалык кыймылдаткычтарды колдонуу үчүн ойлонуп табылган. Анткени 10^7 *см/сек* ылдамдык берген П. ы. башка реактивдик кыймылдаткычтарга караганда затты 100 эсе аз сарп кылат. Эгер плазма магнит талаасына жайгаштырылса, магнит талаасынын ток өткөрүүчү плазмага жасаган таасиринен плазма төмөнкү ылдамдыкты алат: $v=c\frac{U+IR_i}{HZ}$, мында U — булактын чыңалуусу, I — ток күчү, Z — индуктивдүүлүк, Ri — ички каршылык, H — магнит талаасынын чыңалышы, c — туруктуу сан. Азыр П. ы. жылуулук энергиясын электр энергиясына айландыруучу *магниттик гидродинамикада* кеңири колдонулат.



1-сүрөт. Жаалуу плазматрондун схемасы: *а* — октуу; *б* — коаксиалдуу; *в* — торондаль электроддуу; *г* — өзү жактан өтмө; *д* — тышкы плазма жаалуу; *е* — сарпталган электроддуу; *1*—электр булагы; *2* — разряд; *3* — плазма агымы; *4* — электрод; *5*—разряд камерасы; *6* — соленоид; *7* — иштетилме зат.

ПЛАЗМОДИЙЛЕР (Plasmodium) — жөнөкөйлөрдүн кан споровиктер түркүмүндөгү уруусу. Адам ж-а жаныбарларда мителик кылат. *Безгекти* пайда кылуучу 60тан ашуун түрү бар. П-ди курт-кумурска, көбүнчө Culicidae тукумундагы безгек чиркейи алып жүрөт. П-дин индивиди спорозоит түрүндө чиркейдин шилекейи аркылуу организмге кирет. Алар кан тамырдын эндотелийи же боордун клеткасына өтүп, жыныссыз жол м-н көбөйөт. Кишиде П-дин 4 түрү мителик кылат.

Ад.: Жизнь животных, т. I, М., 1968.

ПЛАЗМОЛИЗ (гр. plásma — чапталып жасалган, формага келтирилген ж-а lýsis — бөлүнүү, бузулуу) — клетка суусун көбүрөөк жоготкондо *цитоплазманын* көлөмү кичирейип кабыктан ажырашы. Клетканы гипертониялык *(осмос басымы* клетканыкынан жогору) эритмеге салганда, суу клеткадан диффузияланып сыртқы эритме чыгат да, кабык м-н протопластын ортосунда бошток пайда болот. П. көбүнчө бекем *целлюлоза* кабыкчалуу өсүмдүк клеткаларына мүнөздүү. Айбанат клеткасын гипертониялык эритмеге салганда жыйрылат. Протоплазманын ажырашынын ылдамдыгына ж-а деңгээлине жараша П. бир нече түргө бөлүнөт. Кээ бир П-денген клеткалар тирүү калат; аларды сууга же гипотониялык (осмос басымы клетканыкынан төмөн) эритмеге салганда баштапкы калыбына келет, бул деплазмолиз деп аталат. П-ди 2 метод м-н өлчөйт: 1-метод ткандарды түрдүү концентрациядагы KNO_3, сахароза же башка осмостук активдүү заттардын эритмелерине салып, кайсы эритмеден клеткалардын 50% П-деперин байкайт; 2-методдо П-ден кийин клетканын көлөмүн өлчөп, осмос басымын эритменин концентрациясына жараша тийиштүү формула б-ча эсептейт.

ПЛАКАТ (фр. placard — кулактандыруу, жарыя) — 1) *графиканын* бир түрү. 2) Идеол., коомдук мааниси бар окуяларды агитациялоо, элге жакырт

кабарлоо, таратуу максатында кыска текст м-н коштолуп, чоң көлөмдөгү актай кагаздын бетине тартылган, образдык «тилинин» ашкере тактыгы, таамайлыгы м-н дароо көзгө түшкөн сүрөт өнөрүндөгү жалкы чыгарма. Демейде П. сүрөтчү өзү иштеген *тип пуска* эмес, полиграфиялык жол м-н көп нускада чыгарылган түрүндө журтчулукка жетет. П. адегенде ири көлөмдө аткарылган «учма баракчалар» («Летучие листки», 16-к-да Германияда) түрүндө пайда болсо да, бара-бара информациялык, рекламалык мүнөзгө өтө баштап, 19-к-да Ж. Шере, А. Тулуз-Лотрек (Франция), 20-к-да О. Бёрдсли (Англия), У. Брэдли (АКШ) сыяктуу П-чылар өсүп чыккан. Окт. рев-ясынан кийин *«Окна РОСТА»*, 1941-жылдан *«Окна ТАСС»* өндүү чыг-лык коллективдер уюшулуп, В. В. Маяковский, М. М. Черемных, А. А. Дейнека, Г. Г. Клуцис, Ю. И. Пименов ж. б. П-чылар иштешкен. Бийик граждандуулук, жан аябаган патриотизм Улуу Ата Мекен согушган кийинки П-тарда да улантылып, В. С. Иванов, Л. Ф. Голованов, Кукрыникстер, И. М. Тоидзе, Д. А. Шмаринов сыяктуу сүрөтчүлөр зор эмгек сиңиришкен. Кийинки жылдарда П. көргөзмөлөрү уюштурулуп, санитардык агартуу, театр ж-а кино жаңылыктарын рекламалоо б-ча да көптөгөн П-тар жаралууда. 1974-ж. КПСС БКнын Секретариатынын чечими б-ча Москвада КПСС БКнын «Плакат» басмасы уюшулган.

Ад.: Демосфенова Г. Л., Нурок А. Ю., Шантыко Н. И., Советский политический плакат, М., 1962; Мытарева К. В., Современный польский плакат, Л., 1968.

ПЛАН (лат. planum — тегиздик) — 1) жер бетинин бир бөлүгү; шарттуу белгилер м-н тегиздикке (1:10000 ж-а андан ири масштабда) түшүрүлгөн чийме. 2) Кандайдыр бир имараттын же персонун бийиктен көрүнүшү. 3) Алдын ала белгиленген тартипти, программаны, ш-н чараларын жүзөгө ашыруу ыраатуулугу (стратегиялык окуу, өндүрүш П.); талкуулоонун ыраатуулук тартиби (докладдын П-ы ж. б.). 4) Масштаб, мейкиндиктеги абал, алыстык даражасы (ири П., алдыңкы П.). О. эле к. *Эл чарбасын пландоо.*

ПЛАН (архитектурада) — 1) белгилүү масштабда аткарылган имаратын (же бир этаждын, же бир үйүнүн), имараттар комплексинин, бүтүндөй элдүү пункттун же анын бир бөлүгүнүн горизонталь проекциясынын графикалык сүрөтү. П-да кызматына жараша дубалдын ж-а түркүктөрдүн конструкциялары, интерьерде эмеректердин коюлушу, курал-жабдыктардын жайгаштырылышы, өндүрүш имаратындагы тех. процесстердин ж-а аймакты жашылдандыруунун схемасы, шаардык транспорт тоомунун схемасы ж. б. көргөзүлөт. П. адатта курулуштун формасын ж-а конфигурациясын мүнөздөйт. 2) Имараттын негизги бөлүктөрүнүн же ансамблдин жер деңгээлинде (арыкыл деңгээлдеги татаал рельефте жайгашкан көп кабаттуу имараттарда, комплекстерде) жайгашкан мүнөздөмөсү.

ПЛАНАРНЫЛАР — түктүү курттар классындагы омурткасыздардын тобу. П. башка омурткасыздардан денесинин чоңдугу м-н айырмаланат, уз. 35 смге жетет. Жер шарынын бардык жерине таралган. Тузсуз сууда, кээде көлдө, ал эми тропикте — топуракта тиричилигин өткөрөт. Майда омурткасыздар м-н азыктанышат. Терисинде уу бездери болгондуктан П-ды балыктар жебейт.

ПЛАНДАН АШЫК ПАЙДА — соц. чарбада ишканаңын ж-а тармактын пландан ашык алган кирешеси. П. а. п. чарбанын ички резервдерин пайдалануу пайдалануу, чарбалык эсеп ин көрсөткүчтөрүнүн сапатын жакшыртуунун негизинде алынат. Айрым учурда П. а. п. ишкананын катышуусуз да түшөт. Мис., ишкана пландалган жаткан сырьёнун баасы төмөндөшүнөн, о. эле эл чарбасына өтө керектүү продукция чыгарылып, баасы көтөрүлүшүнөн пайда болот. Өнөр жайда П. а. п. илим м-н техниканын жог. жетишкендигин пайдаланып, өндүрүштү рационалдоо м-н продукцияны көөйтүп, сапатын жакшыртып, оз наркын арзандатуудан өндүрүлөт. Колхоз, совхоздордо ж-а а. ч. ишканаларында түшүмдү жогорулатып, мал чарба азык-түлүгүнүн сапатын жакшыртуу жолу м-н жетишилет. СССРде 1966-жылга чейин П. а. п-нын 75% соц. мелдештин жеңүүчүлөрүнө сыйлыкка, турак жай курулушун көбөйтүүгө ж. б. керектелген. Кийин өндүрүшкө байланыштуу түрдүү чыгымды, карызды төлөөгө ж. б. чараларга да сарпталат.


Ад.: Финансы предприятий и отраслей народного хозяйства, 2 изд., М., 1973.

ПЛАНДООДО БАЛАНС МЕТОДУ — соц. өлкөлөрдө эл чарба планын иштеп чыгууда, өндүрүш ж-а айрым тармактарды өнүктүрүү планын, о. эле аймактын (респ-ка, край, обл., экон. райондор) чарба планын түзүүдө колдонулуучу ыкма. Мында *баланс методу* аркылуу планда мүмкүнчүлүктөр м-н ресурс байланышы, чыгым м-н натыйжанын чегериштирүү өлчөмү аныкталат, бардык тапшырма м-н көрсөткүч макулдашылып, координацияланат, пландын болүктөрү м-н болүмдөрүнүн бирдиктүүлүгү ж-а балансташынын дал келиши камсыз кылынат, чарба резервдери билинет, түрдүү көрсөткүчтөрдүн пропорцияластыгы жетишилет. Соц. өндүрүштү планга ылайык өнүктүрүү, эл чарбасынын өнүгүшүндө, аның тармактарынын ортосунда туруктуу пропорцияны сактоо бүтүндөй баланс системасын колдонууну талап кылат. Ал *материалдык балансты, парк* (акчалай) *балансын, эмгек ресурстар балансын*, тармак аралык байланыш балансын ж-а бут *эл чарба балансын* камтыйт. Баланс методу алкоңун туңгуч ГОЭЛРО планын түзүүдө пайдаланылган. Баланс методу ж-а баланс системасы пландоонун бардык баскычын талдоодо, аның негизги багытын иштеп чыгууда, кеңири планды түзүүдө ж-а аткарылышын текшерүүдө колдонулат.

Ад. к. Эл чарба балансы макаласынан.

ПЛАНДУУ ТОЛОМ — товар, материал ж-а кыймат көрсөткөндүгү үчүн эсептешүү, о. эле кыска мөөнөттүү банк кредитин кайтаруу учурундагы соц. ишканаңын төлөмү. СССРде П. т. товарды бир калыпта тапшырып, үзбөй кызмат көрсөткөндө гана колдонулат. Мындай ыкмада ишканалар өз ара келишим түзүп, анда товарды пландуу жеткирүү көлөмү, мезгили ж-а карыздар ишканаңын күнүмдүк төлөмү көрсөтүлөт. П. т. 3—5, кээде 10—15 күндө бир жолу банк аркылуу которулат. Ар айда жөнөтүлгөн товар м-н төлөнгөн акынын жыйынтыгы чыгарылат. Бул эл чарбасында эсептешүүнү илдамдатып, товарды жөнөткөндөн аны реализациялоодон акы түшкөнгө чейинки убакытты азайтат. П. т. соода уюмдары м-н тапшыруучулардын, о. ж. ишканаларынын, транспорт уюмдарынын ортосундагы эсептешүүдө, о. эле кредит кайтарууда пайдаланылат.

ПЛАНЕР (фр. planer — калкуу) — абадан оор, моторсуз учуучу аппарат. П-дун көймөлүү да самолёттун учуу закондоруна негизделген. Азыркы П. орундарынын саны б-ча бир, эки ж-а көп орундуу, арналышы б-ча үйрөнүү, машыгуу ж-а рекорддук (спорттук) болуп айырмаланат. Биринчи П-ду француз матросу Ж. Ле Бри 1868-ж. куруп сынаган. СССРде П. куруу 20—30-жылдарда башталган. 1941—45-жылдардагы Улуу Ата Мекен согушта П. десант ташыгыч катары кеңири колдонулган. Азыркы



В. О. Карвялис конструкциялаган «Летува» БК-7 планёру. 1972.

П-дун негизги конструкциялык материалы катары дюралюминий ж-а айнек-пластик колдонулат. П. түрдүү жолдор м-н учурулат. Азыркы мезгилдеги П-дун негизги учуу-тех. мүнөздөмөлөрү төмөнкүдөй: эң чоң аэродинамикалык сапаты 40—53; канаттын арымы 29 мге чейин; канатка күч келиши 250—350 *н/м²*; төмөндөө ылдамд. 0,4—0,8 *м/сек*; учуу ылдамд. 80—100 *км/с*; максимум ылдамд. 220—250 *км/с*.

Ад.: Шереметев В. Н., Планеры, М., 1959; Замятин В. М., Планеры и планеризм, М., 1974 (лит.).

ПЛАНЕТА АРАЛЫК АВТОМАТ СТАНЦИЯ — космос мейкиндигин, Айды, планеталарды космонавтсыз учуп изилдөөчү ил. космос аппараты. Ил. из. жыйынтыгы станциянын бортунан радио түзүлүштөр, асман телолорунун үстүңкү бетинин көрүнүшү телекөрсөткүч аппаратура, о. эле кайтып келүүчү аппарат аркылуу Жерге берилет. Станциянын учуу траекториясын жөнгө салуу үчүн астробагыттоочу ж-а реактивдүү кыймылдаткыч системалары м-н жабдылат. Борт аппаратурасы энергияны күн батареясынан ж-а радиоизотоптуу ток булагынан алат. Көэ бир станциянын башка планетага түшүрүлө же Жерге кайра келе турган аппараттары болот. СССРде — «Луна», «Венера», «Марс» ж-а «Зонд», АКШда — «Пионер», «Рейнжер», «Маринер» ж. б. станцияларынын сериялары учурулган.

ПЛАНЕТА АРАЛЫК ЧӨЙРӨ — *Күн системасындагы* планеталардын ортосундагы зат. Буга планеталардын тышкы атм-расы, кометалар ж-а алардын калдыктары, Күнгө жакын жайгашкан *күн таажысынын* бөлүгү, космос нурлары кирет. 20-к-дын 50-жылдарына чейин Күн системасы тең салмактуу иондошкон туруктуу газ м-н толтурулган деп болжолдонгон. Кийин динамика теориясы өнүгүп, ал б-ча П. а. ч-дөгү газ компоненттери күн таажысынын кеңейүүчү заттарынан турат деп айтылат. Иондошкон компоненттерден башка да П. а. ч-дө космос аппаратынан байкалган күн нурунун резонанс б-ча чачырашында суутектин бейтаап атому бар экендиги далилденген.

ПЛАНЕТАЛАР (гр. aster planetes — адашма жылдыз дегенден) — Күндү айланып кыймылдаган ж-а анын нурунун чагылышынан жаркыроочу чоң асман телолору. Алардын массасы ж-а өлчөмү Күндөн кыйла кичине. П. м-н Күндүн ортосундагы өз ара тартылыш *Ньютондун механика закондоруна*, ал эми П-дын Күндү айланышы *Кеплер закондоруна* баш нет. 18-к-дын алгына чейин *Меркурий, Чолпон, Жер, Марс, Юпитер* ж-а *Сатурн* белгилүү болгон. 1781-ж. англис астроному В. Гершель жетинчи планета *Уранды*, ал эми 1846-ж. француз астроному У. Леверье м-н англис астроному Ж. Адамс сегизинчи планета *Нептунду*, 1930-ж. америка астроному П. Ловелл тогузунчу планета *Плутондуу* ачкан. Булар П-дын биринчи тобун түзөт. П-дын экинчи тобун Марс м-н Юпитердин орбиталарынын ортосунан орун алган *астероиддер* түзүп, алардын биринчи жолу 1801-ж. 1-январда италиян астроному Ж. Пиацци ачкан. Азыр алардын 1800дөн ашыгынын орбиталары белгилүү. П-дын хим. ж-а физ. мүнөздөмөлөрү ар бир планета ж-дөгү макалада берилген. Азыр П-ды изилдөө спектроскопия, фотометрия ж-а радиоастрономиянын методдору, о. эле космонавтиканын онугушу, ракеталардын космос мейкиндигине учурулушу м-н ишке ашырылат. Таблицада П-дын негизги мүнөздөмөлөрү көрсөтүлгөн.


Ад.: Мартынов Д. Я., Курс общей астрофизики, М., 1971; Мороз В. И., Физика планет, М., 1967; Жарков В. Н., Внутреннее строение Земли, Луны и планет, М., 1973.

ПЛАНЕТАЛАРДЫН КОНФИГУРАЦИЯСЫ — Күн системасындагы планета ж. б. телолордун асман сферасында оз ара жайгашуусу.

ПЛАНЕТАРДЫК КЫЙМЫЛ ӨТКӨРГҮЧ — сателлиттер (кыймылдуу октуу ж-а татаал кыймыл жасоочу тиштүү дөңгөлөктөр) м-н туташтырылган цилиндр, конус формасындагы тиштүү дөңгөлөктөр м-н айлануу кыймылын берүүчү механизм. Сателлиттердин огу бекитилген кыймылдуу звено эзрчиткич (водило) деп аталат.

Сателлиттер механизмдин огун төгерегинен айлана турган же кыймылсыз бекитилген борб. тиштүү дөңгөлөктөр м-н илинишип турат. П. к. о. параллель же кесилүүчү эки окко айлануу кыймылын берүү үчүн же сателлит м-н биригкен жумушчу органын бир тегиздиктеги параллель кыймылга келтирүү үчүн колдонулат. П. к. о. өлчөмү кичине механизмдер көбүрөөк кыймыл берүү катышын (санын) ж-а жог. п. а. к-ты бере алат. П. к. о. порт машиналарында, станоктордун кыймылга келтиргичтеринде, жүк көтөргүч машинада, эсептегич түзүлүштөрдө ж. б. пайдаланылат.

ПЛАНЕТАРИЙ (лат. planeta — планета, гр. planetós — сайкат) — 1) жылдызду асманды, Күндү, Айды, планеталарды ж-а алардын кыймылын, о. эле Ай, Күн тутулуусун ж. б-ның сүрөттөлүшүн экранга проекциялап көрсөтүүчү аппарат. «Чоң П.» м-н 6,5



Фрунзе ш-ндагы планетарий.

жылдыз чоңдугундагы жылдыздар проекцияланын көрсөтүлөт. Бул аппараттар проекторлор, асман чүмкөгү (купол) сыяктанган экран, ар кандай электр кыймылдаткычтар м-н жабдылган. Бул кыймылдаткычтардын жардамы аркылуу суткалык, жылдык, прецессиялык ж-а меридиан б-ча кыймылы көрсөтүлөт. Бул аппаратты биринчи жолу (1924) немец инженери В. Бауэрсфельд ойлоп чыгарган. 2) Астр-я, космонавтика б-ча лекциялар окула турган ил.-агартуу мекеме. Анда атайын аппараттар м-н жылдызду асман, Күн системасы, комета, метеор, Айдын ж-а Күндүн тутулушу ж. б. астр-ялык кубулуштар демонстрацияланып, астр-ялык кружоктор уюштурулат. СССРде биринчи П. Москвада (1929) курулган, ал — өлкөдө табигый илимдерди пропагандалоонун ири борбору. СССРдин 100гө жакын шаарында П. бар. Фрунзеде П. 1970-жылдан иштейт.

ПЛАНЕТА СПУТНИКТЕРИ, планета эзрчимелери — планеталардын тартуу таасиринин натыйжасында ал планеталарды айлануучу, Күн системасына кирген телолор. П. с-нин саны 1978-жылкы маалымат б-ча — 33. Меркурий, Чолпон ж-а Плутондун спутниктери белгисиз (к. таблица). Спутниктер эллипс орбиталары б-ча айланат. П. с-нин дээрлик көпчүлүгү планеталардын айлануу кыймылынын багыты б-ча кыймылдаса, Урандын спутниктери, Юпитердин VIII, IX, XI

Планеталардын негизги орбиталык жана физикалык мүнөздөмөлөрү

Планеталар	Орбиталардын чоң жарым октору (*а. б.*). Күндөн орт. аралыгы	Сидериалык мезгил (жыл менен)	Эксцентриситети	Орбитанын экліптикага жантайышы	Экватор радиусу (*км*)	Массалары Жер (1) массасына карата	Орточо тыгыздыгы (*г/см³*)	Оордук күчүнүн ылдамдануусу (*см/сек²*)	Планеталардын Күндү айлануу мезгили
Меркурий	0,387	0,241	0,206	7° 0′, 2″	2430	0,055	0,52	372	88 сут
Чолпон	0,723	0,615	0,007	3 23,6	6052	0,815	5,22	869	224 сут
Жер	1,000	1,000	0,017		6378	1,000	5,52	978	365,3 сут
Марс	1,524	1,881	0,093	1 51,0	3395	0,107	3,97	372	1,881 жыл
Юпитер	5,203	11,862	0,048	1 18,5	70850	317,82	1,30	2301	11,862 жыл
Сатурн	9,539	29,458	0,056	2 29,5	60400	95,28	0,71	944	29,458 жыл
Уран	19,12	84,015	0,047	046,3	24600	14,56	1,32	967	84,015 жыл
Нептун	30,06	164,79	0,009	1 46,8	23500	17,28	1,84	1500	164,79 жыл
Плутон	39,75	250,6	0,253	17 8,7	3000	0,11	10,4	800	250,6 жыл

Планеталардын спутниктери (1975-жылдагы маалымат б-ча)


Планеталар	Спутниктер	Спутник м-н планетанын ортосундагы аралык (*км*)	Ачылыш жылдары	Спутниктердин айланып чыгуу мезгили (*сут*)	Планеталардын орбитасынын экватор тегиздигине карата жантайышы	Диаметр (*км*)	Масса (*грамм*)
Жер	Ай	384,4	—	27,3	23,4°	3476	$7{,}33 \cdot 10^{25}$
Марс	I Фобос	9,4	1877	0,3	1,1	27	—
	II Деймос	23,5	1877	1,3	1,8	15	—
Юпитер	V	181	1892	0,5	0,4	220	—
	I Ио	422	1610	1,8	0,0	3700	$8{,}6 \cdot 10^{25}$
	II Европа	671	1610	3,6	0,0	3100	$4{,}8 \cdot 10^{25}$
	III Ганимед	1 070	1610	7,2	0,0	5270	$15{,}2 \cdot 10^{25}$
	IV Каллисто	1 880	1610	16,7	0,0	5000	$8{,}6 \cdot 10^{25}$
	VI	11 500	1904	251	28	160	—
	VII	11 750	1905	260	25	60	—
	X	11 750	1938	260	29	18	—
	XII	21 000	1951	625	147	16	—
	XI	22 500	1938	700	164	22	—
	VIII	23 500	1908	740	145	16	—
	IX	23 800	1914	755	153	20	
	XIII	11 100	1974	239	27	—	—
Сатурн	Янус	160	1966	0,7	0,0	220	—
	Мимас	186	1789	0,9	1,5	400	$3{,}5 \cdot 10^{23}$
	Энцелад	238	1789	1,4	0,0	500	$1{,}4 \cdot 10^{23}$
	Тефия	295	1684	1,9	1,1	1000	$6{,}2 \cdot 10^{23}$
	Диона	378	1684	2,7	0,0	1150	$1{,}1 \cdot 10^{24}$
	Рея	528	1672	4,5	0,4	1600	$2{,}3 \cdot 10^{24}$
	Титан	1 223	1655	15,9	0,3	5000	$1{,}4 \cdot 10^{26}$
	Гиперион	1 484	1848	21,3	0,4	350	$1{,}1 \cdot 10^{23}$
	Япет	3 563	1671	79,3	14,4	1800	$5{,}7 \cdot 10^{24}$
	Феба	12 950	1898	550,4	150	300	—
Уран	Миранда	130	1948	1,4	3,4	400	—
	Ариэль	192	1851	2,5	0,0	1400	—
	Умбриэль	267	1851	4,1	0,0	1000	—
	Титания	439	1787	9,7	0,0	1800	
	Оберон	586	1787	13,5	0,0	1600	
Нептун	Тритон	354	1846	5,9	160	4000	$1{,}4 \cdot 10^{26}$
	Нереида	5 510	1949	365	28	600	—

ж-а XII, Сатурндун IX, Нептундун I спутниги тескери багыт б-ча айланат.

ПЛАНЕТА ТУМАНДУУЛУКТАРЫ — *жылдыздуу асманда* кичине бурч б-ча көрүнүүчү тегерек формадагы тумандуу даана так, к. *Галактикалык тумандуулуктар.*

ПЛАНЕТОЛОГИЯ (планета ж-а *...логия)* — астрофизиканын Күн системасындагы планеталардын физикасын изилдөөчү бир тармагы. Термин негизинен Жер ж-дөгү илимдерде, чанда астр-да колдонулат.

ПЛАНИМЕТР (лат. planum — тегиз жер ж-а *...метр)* — туура эмес формадагы жалпак фигуралардын аянтын так өлчөгүч матем. прибор. П. сызыктуу (багыттагычы түз сызык), уюлдуу (багыттагычы айлана), радиалдуу (чекит) болуп бөлүнөт. Уюлдуу П. уюлдуу ж-а жылдырылма эки рычагга ээ, алар бири-бири м-н В чекитинде шарнир м-н биригишкен. Жылдырылма рычагдын бир учуна бекитилген штифт аянты эсептелинүүчү фигураның контуру б-ча жылат (к. сүрөт). Уюлдуу рычагды О чекитинин айланасында айландырууга болот. Интегралдоочу ролик эсептөөчү механизм м-н атайын тележкада жайгашкан, тележка жылганда жылдырылма рычагдын узундугу өзгөрөт.



Уюлдуу планиметр: *O*—уюл; *OB* — уюлдуу рычаг; *A*— жылдырылма ролик; *AB*— жылдырылма рычаг; *T* — тележка; *P*— интегралдоочу ролик; *M* — эсептөөчү механизм.

П. $\int ydx$; $\int_{\psi_0}^{\psi} rd\varphi$ интегралдарын чыгарууда колдонулат.

ПЛАНИМЕТРИЯ (лат. planum — тегиздик) — элементардык геометриянын тегиздиктеги фигуралардын касиеттерин изилдөөчү бөлүгү. П-нын мазмунун ж-а аның баяндоо ыкмасын байыркы грек илимпозу Евклид б. з. ч. 3-к-да изилдеген, к. *Евклид «Негиздери».*

ПЛАНК Макс Эрнст Людвиг (23. 4. 1858, Киль — 4. 10. 1947, Гёттинген) — немец физик-теоретиги, квант теориясын негиздөөчүлөрдүн бири. Берлин ИАнын мүчөсү (1894; секретары, 1912—43). Мюнхен ж-а Берлин ун-тетинен окуган (1874—78). Император Вильгельм коомунун (1948-жылдан М. Планк коому) президенти. Студент кезинде эле термодинамикага кызыккан. Анын электр магнетизм, акустика, оптика, кинетикалык теория, физиканын филос. теориялары б-ча сицирген эмгеги зор. Мис., нурлануунун термодинамикалык теориясы б-ча абс. кара нерсенин спектринде энергиянын бөлүнүш (Планк нурлануу закону), физ. туруктуу сан — *Планк туруктуулугу* закондорун ачкан. П.— Петербург ИАнын корр. мүчөсү (1913), СССР ИАнын ардактуу мүчөсү (1926), Лондон король коомунун мүчөсү (1926). Нобель сыйл. лауреаты (1918).

ПЛАНК НУРЛАНУУ ЗАКОНУ, Планк формуласы — белгилүү темп-рада тең салмактуу нурлануу спектринде энергиянын бөлүнүш закону. Зат м-н тең салмакта болгон электр-магнит нурлануу тең салмактуу нурлануу деп аталат. Бул законду энергия кванттуу түрүндө нурланат деген гипотезага негизден, 1900-ж. М. *Планк* ачкан. Кванттын энергиясынын чоңдугу $\varepsilon_0 = h\nu = h\frac{C}{\lambda}$ (*c* — жарык ылдамд., *h* — *Планк туруктуулугу*, ν — нурлануу жыштыгы, λ — толкун узундугу). Планк формуласы б-ча абс. кара нерсенин нурлануу жөндөмдүүлүгү (*E*) анын нурланышынын жыштыгына (ν) ж-а температура (*T*) көз каранды:

$$E_{\nu,T} = \frac{2\pi h}{c^2} \cdot \frac{\nu^3}{e^{h\nu/kT} - 1}$$

(*k* — Больцман туруктуулугу). Планк формуласынан Стефан-Больцман ж-а Виндин нурлануу закондору чыгат.

ПЛАН КОРСОТКҮЧТӨРҮ — эл чарбасын пландаштыруунун маанилүү маалыматтары. П. к. пландын саясий ж-а экон. милдетин, о. эле ага тиешелүү эсеп-кысанты конкреттүү тапшырма түрүндө чагылдырат. СССРде түрдүү көрсоткүчтүн өз ара байланыштуу, бирдиктүү системасы бар. Ал союздаш респ-ка ж-а экон. райондордун ишкана, тармак, чарба ишинин бардык жагын камтыйт. О. эле соц. кеңири кайталанма өндүрүш процессинин жалпы көрсоткүчтөрүн ж-а эл байлыгынын өсүшүн көрсөтөт. Экономиканы пропорциялаш ж-а натыйжалуу өнүктүрүү максатында көрсоткүчтөр системасы эл чарбаны пландаштыруунун жалпы принциптеринин негизинде иштелип чыгат. Эл чарба план көрсоткүчтөрүнүн жалпы тизмесин СССР мамл. пландоо комитети бекитет. Айрым тармактык көрсоткүчтөрдү — мин-во м-н ведомство, союздаш респ-калардын Мин. Совети аныктайт. П. к. негизинен бекитилүүчү жана эсеп-кысап көрсоткүчтөргө бөлүнөт. Бекитилүүчү П. к-не чарбанын өнүгүү темпин ж-а шайкештигин аныктоочу бардык негизги тапшырма кирет. Эсеп-кысап П. к. планга кошумча продукция номенклатурасын, ар кандай кызматты, тех.-экон. нормаңы ж-а нормативди ж. б. эсеп-кысапты аныктайт. П. к. коомдук өндүрүштөгү ролуна жараша бир канча топко бириктирилип,

эл чарбаны пландоодо үзгүлтүксүз өнүктүрүлө берет, к. *Эл чарбасын пландоо.*

Ад.: Планирование народного хозяйства СССР, 3 изд., М., 1973.

ПЛАНКТОН (гр. planktós — адашуучу) — суу тереңдигинде жашап, аның агымына туруштук бере албаган организмдер. П-го өсүмдүк — фитопланктон ж-а айбанат — зоопланктон кирет. Ал *бентос* ж-а *нектондон* кескин айырмаланат. Тузсуз сууда да П-дор болот. Фотосинтездоочу П. организмдери күн нурун керектегендиктен суунун үстүнө жакын 50—100 *м* тереңдө жашайт. Деңиз ж-а тузсуз суу фитопланктонун диатом балырлары, көк жашыл, айрым жашыл балырлар ж. б. түзөт. Тузсуз суудагы зоопланктондор — көчүлүк калак буттуулар, бурамалоочулар, деңиздеги рак сымалдар ж. б. Тропиктеги океан сууларында П-дун составы ар кыл. П. организмдеринин чоңдугу бир нече *мкм*дан бир нече *мг*е жетет. Фитопланктон м-н көчүлүк жаныбарлар азыктанат. Фитопланктон көп кездешкен жерде нектон ж-а зоопланктон көп болот. П-дор суу жаныбарларына жем болуу м-н бирге кээсинин промыселдик мааниси (креветкалар, мизидиялар) бар.

Ад.: Киселев И. А., Планктон морей и континентальных водоёмов, т. I, Л., 1969.

ПЛАНК ТУРУКТУУЛУГУ, квант аракети — физикадагы негизги туруктуу чоңдуктардын бири. Ал микробөлүкчөлөрдүн закон ченемдигени өзгөчө каспеттерди чагылдырат ж-а *квант механикасында* негизги мааниге ээ. П. т. $h = (6{,}626196 \pm 0{,}000050) \cdot 10^{-34}$ *дж·сек*. Кээде П. т. деп аталган $\hbar = h/2\pi = (1{,}0545919 \pm 0{,}0000080) \cdot 10^{-34}$ *дж·сек* туруктуулугу колдонулат.

«ПЛАНОВОЕ ХОЗЯЙСТВО» — СССР мамл. пландоо комитетинин айына чыгуучу журналы. 1924-жылдан Москвада чыгат. Бул журналга пландаштыруу м-н башкаруунун уюштуруу, коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу, пландаштыруунун өркүндөтүү, эл чарбасын өнүктүрүү б-ча келечектүү план иштеп чыгуу, пландоодо экон.-матем. методдорду, о. эле эсептегич машиналарды колдонуу ж-дөгү макалалар, эмгекчилердин экон. билим алышына көмөкчү материалдар ж-а азыркы бурж. экономия теорияларын сындаган макалалар басылат. 1974-ж. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

ПЛАНТАЦИЯ (лат. plantatio — өсүмдүк тигүү) — 1) капит. өлкөлөрдө ири дыйканчылык чарбасы (к. *Плантация чарбасы).* 2) Эгилме өсүмдүктүү аянт (мис., чай П-сы, кызылча П-сы ж. б.).

ПЛАНТАЦИЯ ЧАРБАСЫ — капит. өлкөлөрдөгү тех. ж-а азык-түлүк өсүмдүктөрдү (бал камыш, кофе, какао, чай, шалы, тамеки, банан, ананас ж. б.) көбүнчө тропикте ж-а субтропикте өстүрүүчү ири жер чарбасы. Алгач плантация 16-к-дын башында испандар тарабынан түзүлгөн. Плантация системасы Кариб деңиздеги аралдарда чыгарылып, 16—18-к-да Бразилияга, Мексикага, Англиянын Түн. Америкадагы колонияларына, о. эле Индонезияга (Ява а.) таралган. П. ч-ның өнүгүшү күл соодасының өсүшүнө шарт түзүп, ал 19-к-дын 1-жарымында гүлдөп, жог. деңгээлге көтөрүлүп, АКШ аның чордонуна айланган. 19-к-дын ортосунан плантацияда күл эмгик система терең кризиске учурап, аның ордуна жалданууучулар, кээде зордон иштетүүчү ири жер ээлери пайда болгон. Бирок колония системасының ыдырашы м-н П. ч-ның социалдык-экон. негизи начарлайт. Вьетнам, Куба, Алжир ж. б. өлкөлөрдө плантация мамлекеттештирилип, мунун базасында мамл. ж-а кооперация чарба түзүлүүдө.

ПЛАНШЕТ (фр. planchette—такта)— 1) *мензуланын* бир бөлүгү, өлчөмү 40×40 *см*ден 60×60 *см*ге чейинки чарчы такта. *Мензулалык съёмка* жүргүзүүдө үстүнө актай кагаз жабыштырылып, ага жер бетинин чиймеси түшүрүлөт; 2) көз өлчөө съёмкасында колдонулчу компас ж-а сызыктуу кагаз жабыштырылган такта же папка.


ПЛАСТИДАЛАР (гр. plástides — пайда кылуучу) — автотрофтуу өсүмдүктөрдүн клеткаларында учуроочу ж-а орг. заттарды синтездоочу пигменттүү органеллалар. П-дын түсү составындагы пигменттерге байланыштуу. П. үчкө: хлоропласттар (ХП), хромопласттар (ХР) ж-а лейкопласттарга (ЛП) бөлүнөт. ХП — линза же тоголок формалуу, чоңдугу 4—6 *мкм*, негизинен жалбыракта болот. Аларда жашыл *хлорофилл* пигменти бар. Өсүмдүктөрдүн жашыл түстө болушу ушуга байланыштуу. Хлоропласттарда белок, липид, рибосомалар, ДНК, РНК ж-а крахмал бүртүкчөлөрү болот. Татаал түзүлүштүү өсүмдүктөрдүн ХПдө хлорофиллден башка кызгылт сары каротин, сары ксантофилл пигменттери да болушу мүмкүн. Балырлардын хлоропласттары *хроматофорлор* деп аталат. Өсүмдүк тиричилигинде ХПнин жардамы м-н *фотосинтез* жүрөт. ХР тоголок, көп бурчтуу, кээде ийилүү келип, кызгылт, сары же күрөң. Буларда каротиноиддер (каротин, ксантофилл) болот. Алар тамыр (сабиз, аш кызылчасы), мөмө (помидор, алма), гүлдүн таажыча, чөйчөкчөлөрүндө, күзгү жалбырактарда учурайт да, аталган органдарга сары, кызгылт ж. б. түс берет.

ЛП түссүз, ХП ж-а ХРге караганда майдараак, өсүмдүктүн бардык органдарында кездешет. Буларда жөнөкөй орг. заттардан татаал заттар: крахмал, белок, май синтезделет да, запас катары ЛПнин өзүндө сакталат. Лейкопласттардын крахмалдуулары — амилопласттар, белоктуулары — протеинопласттар, майы барлары — олеопласттар. П. бири бирине айланат. Мис., карацгыда (топуракта) өскөн картошканын жаш түймөгү жарыкта жашыл түскө өтөт, анткени аның ЛП ХПге, сабиздин азык-тамырынын топурактан жарыкка чыгып калган бөлүгү жашыл түстө болуп калат, себеби андагы ХР жарыктын таасирин м-н ХПге, о. эле жалбырактагы ХП күзүндө ХРге айланат. Өсөндүктан күзгү жалбырактар саргыч, кызгылт түстүү. П. экиге бөлүнүү же бүчүрлөө жолу м-н көбөйөт.


М. Планк.

Ад.: Вилли К., Детье В., Биология, пер. с англ., М., 1974.

ПЛАСТИКАЛУУЛУК ТЕОРИЯСЫ — механиканын катуу денелердин серпилгич чегинен өткөн деформациясын изилдөөчү бөлүмү. П. т. пластикалуу материалдын макроструктурасынын касиетин изилдейт; сырткы таасирден (күч, темп-ра ж. б.) пластикалуу деформацияланган катуу денелердеги мех. чыңалуунун бөлүнүү методдорун аныктайт. Катуу денелердин сырткы мех. күчтүн аракетинен талкаланбай (сынбай) формасын, өлчөмүн өзгөртүү касиети пластикалуулук деп аталат. Сырткы күч аракетин токтоткондо мындай денеде калдыктуу (пластикалуу) деформация сакталат. Металлдардын пластикалуу касиетин аныктоодо жалпак же цилиндр формасындагы үлгүлөрдү чоюу, кысуу ж-а толгонуу моменттин, ички басымды аныктоо тажрыйбалары аткарылат. Мех. күчтөн нерсенин деформацияланыш көз карандылык диаграммасы берилген нерсенин деформациясын аныктайт (к. сүрөт). П. т-ның техникада мааниси зор. Ал конструкцияларды долбоорлоого, пластикалуу деформацияланган металлдардын технол. процесстерин изилдөөгө ж. б. тыгыз байланыштуу. П. т-ның жөнөкөй маселелери материалдардын каршылыгы курсунда каралат.



Көмүртеги аз, ийилчээк болоттун «чыңалуу—деформация» диаграммасы; *OA*— серпилгич деформация; *B* — агуу чеги; *BC* — агуу аралыгы; *MP* — күч аракетинин токтошу.

Ад.: Ильюшин А. А., Пластичность, Основы общей математической теории, М., 1963.

ПЛАСТИКАЛЫК ДЕФОРМАЦИЯ — жүк алынгандан кийин да жок болбоочу *деформация.*

ПЛАСТИКАЛЫК ХИРУРГИЯ — хирургиянын бөлүмү. Ал тигил же бул органдын, ткандын функциясы м-н



А. А. Пластов.

формасын ж-а кишинин денесиндеги сыртқы озгорүүлөрдү калыбына келтирүү үчүн колдонулат.

ПЛАСТМА́ССА, пластикалык масса, пластиктер — табигый же синтет. ири молекулалуу серпилгич же коюу илээшме абалдагы бирикмелерден формага келтирилип, айнек сымал түрүндө пайдаланылчу материал. Формага келтирүүдө колдонулган шартына ж-а ишteлген жолуна жараша П. реактопласттар ж-а термопласттарга болунөт. Реактопласттар иштетүүдө (буюм жасоодо) кайра алгачкы илээшчек абалына келбейт. Термопласттар формага келтирүүдө айрым каснеттерин кескин озгортпой, темп-ранын ж-а эриткичтердин таасири аркасында кайра алгачкы илээшчек күюлгуч абалына келет. Термопласттардын ичинен полиэтилен, поливинилхлорид ж-а полистирол кеңири белгилүү.

П-ныn составына полимерден тышкары толуктагычтар, пластификаторлор, стабилизаторлор, боёктор ж. б. кирет. Тыгыздыгы төмөн, жеңил П. алыш үчүн арасына көпшөк көндөйлөрдү пайда кылуучу газ толуктагычтар колдонулат (к. *Пенопласттар*). Асбест, бор, көмүр, кварц, айнек сыяктуу орг. эмес булалар ж-а орг. булалар толтурулган П-ны формага келтирүү ж-а андан буюм жасоо кыйын. Бирок материалдар абдан бышык болот. Кездеме катмарлары м-н толтурулган П. текстаминттер деп аталат. Дүйнөдө чыгарылган полимерлердин 75% полиэтилен, поливинилхлорид, полистирол сыяктуу термопласттарды алуу үчүн жумшалат. Анын эң жакшы физ.-мех. каснеттери (жеңилдиги, бышыктыгы ж. б.) эл чарбасынын бардык тармагында пайдаланууга мүмкүндүк берет. Ал курулушта, машина, авиация, кеме, автомобиль курууда, электр техникада, а. ч-да ж-а медицина о. ж-нда кеңири колдонулат.

Ад.: Технология пластических масс, под ред. В. В. Коршака. М., 1972; Лосев И. П., Тростянская Е. В., Химия синтетических полимеров, 3 изд., М., 1971; Пластики конструкционного назначения, под ред. Е. Б. Тростянской, М., 1974.

ПЛАСТМАССА КОНСТРУКЦИЯЛАР— курулушта кеңири колдонулма жеңил, арзан, ыңгайлуу конструкциялар. П. к.— бышыктыгы, тунуктугу м-н айырмаланган жарык өткөрүмдүү (айнек пластинка) материалдар, өтө жеңил, арзан күңүрт айнек пластиктер; таңууга ыңгайлуу, ажыратып-жыйналма пневматикалык курулуш (үйлөмө) конструкциялары түрүндө болот. П. к. фонарларды, тосмолорду, *жылыткычтарды*, спорт, көргөзмө курулмаларын, тургузулуп жаткан объектиин убактылуу жабууда, химия өндүрүшүндө, а. ч-нда ж. б-да колдонулат. Тез бузулуп ж-а өтө жакшы күйөндүктөн капиталдык курулуштарда таза П. к. көп колдонулбайт. Ошондуктан башка материалдар м-н айкалышкан П. к., мис., конструкциялык жылыткыч (пенопласт, сотопласт ж. б.) негизги күч келе турган бөкем ж-а бышык алюминий тактасынан жасалган үч катмарлуу панелдер кеңири пайдаланылат.

ПЛАСТОВ Аркадий Александрович [19(31). 1. 1893, азыркы Ульянов обл., Прислониха кыш.— 12. 5. 1972, ошол эле жер] — сов. живописчи, СССР эл сүрөтчүсү (1962), СССР сүрөт академиясынын анык мүчөсү (1947). Москва Строганов Борб. көркөм ө. ж. окуу жайында (1912—1914) ж-а Москва живопись, ийчилик ж-а водчийлик окуу жайында (1914—1917) окуган. 1920-жылдары ж-а 30-жылдардын башында негизинен салсий плакат тартып, орус жазуучуларынын чыг-ларын иллюстрациялаган. 1935-жылдан П. жанрдык картиналарды (портреттерди да) тарткан. Сов. дыйкандардын күжүрмөн эмгегин, жаркын дүйнөсүн дацазалаган чыг-ларына биринчи планга ири тулкулар жайгаштырылган ачык боёктуу композиция мүнөздүү. Негизги чыг-лары: «Фашист үчүн оттү» (1942), «Чоп чабык», «Эгин оруу» (экөө тең — 1945; СССР мамл. сыйл., 1948), «Колхоз кыштагынын адамдары» циклди (1951—65; Лениндик сыйл., 1966), «Өткөн турмуштан» (1969; И. Е. Репин атн. РСФСР мамл. сыйл., 1972) ж. б. Эки Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Никифоров Б. М., А. А. Пластов. Альбом, М., 1972.

ПЛАТИНА (лат. Platinum), Pt — Д. И. Менделеевдин мезгилдик системасынын VIII тобундагы хим. элемент; ат. н. 78, ат. м. 195,09. Кыйындык м-н эрүүчү металл, эрүү t 1769°С, кайноо t 4530°С. Эриген кезде өтө чоюлгучтугу ж-а ийилгичтиги м-н айырмаланат. Күкүм түрүндөгү П. нормалдуу шартта H_2 м-н O_2нн көп сиңирет. Бирикмелеринде 2, 4 валенттүү. Ал көп сандаган комплекстүү бирикмелерди пайда кылат. П-ныn фтор м-н болгон кошулмалары күчтүү кычкылданткыч каснетке ээ. Газ сиңирилген П. катализатор катары пайдаланылат. Таза П. хим. идиштерди, жабдуу тетиктерин, электроддорду, термопара ж. б. буюмдарды жасоодо, о. эле радиотехникада, автоматикада, телемеханикада, медицинада колдонулат.

ПЛАТИНА МЕТАЛЛДАРЫ — Д. И. Менделеевдин мезгилдик системасынын VIII тобундагы хим. элементтер: *рутений, палладий, осмий, иридий, родий* ж-а *платина*. Алар — күмүш түспөл, кыйындык м-н эрүүчү металлдар, жаратылышта Fe, Cu ж-а Au м-н кошулмалар түрүндө кездешет. П. м-ныn хим. каснети бири бирине окшош, тыгыздалган түрүндө начар активдүү (Өзбен башкасы). Майдаланган П. м. күкүрт, галогендер ж-а кээ бир металлдарды оңой адсорбциялайт. Бардык П. м. комплекстүү бирикмелерди берет. Ысытканда Ru, Os, Rh, Ir кычкылтек м-н ар түрдүү кычкылдарды пайда кылат. П. м. хим. реагенттерге, айрыкча кислоталардын таасирлерине туруктуу. Бул каснетинин негизинде электр тех. куймаларды, катализаторлорду, хим. идиштерди жасоодо колдонулат.

ПЛАТИНА РУДАЛАРЫ — составында казып алууга арзырлык платина металлдары (Pt, Pd, Ir, Rh, Os, Ru) бар жаратылыштагы минерал чогундулары. Жаратылышта платинанын 90дой минералы белгилүү. Алардын көп тараганы: поликсен, ферроплатина, платинpalуу придий, невьянскит, звягинцевит, паоловит, фрудит, соболевскит, плюмбопалладинит, сперрилит. Кендери кездешүү озгочолугуно карай алгачкы ж-а чачынды, составы б-ча жалан платина ж-а комплекстүү болуп болунөт.

Алгачкы кенн платформалуу ж-а буктолуу аймактардагы негиздүү ж-а ультранегиздүү интрузия тоо тектерде кезигнп, дайыма тектоникалык ири жаракаларга жакын жайгашат. Алар ар кандай терецде (0,5—1 кмден 3—5 кмге чейин) ж-а түрдүү геол. замандарда (кембрийге чейинки мезгилден мезозойго чейин) пайда болгону белгилүү. Платина металлдарынын рудада таралышы ар түрдүү: жалаң платиналуу кенде 2—3 *г/т*дан бир нече *кг/т*га чейин, комплекстүү кенде *г/т*ның 1/10—1/100 үлүшүн түзөт. Платина металлдарын алууда П. р-ныn жез-никель сульфид кендеринин маанеси чоң.

Чачынды кенн негизинен платиналуу клинопироксенит-дунит ж-а серпентин-гарибургит интрузия массивдеринин үболонун талкаланышынан пайда болуп, мезозой ж-а кайнозойдун элювий-аллювий, аллювий чөкмөлөрүндөгү платина ж-а осмийлүү придийден турат.

П. р-ныn ири кендери: Түш. Африка Респ-касында, Канадада, Колумбияда, АКШда, СССРде (Норильск, Мончегорск, Сибирь) ж. б. жерде бар.

Ад.: Афанасьева Л. И., Металлы платиновой группы, в сб.: Минеральные ресурсы промышленно-развитых капиталистических и развивающихся стран, М., 1972; Рязин Л. В., Месторождения платиновых металлов, в кн.: Рудные месторождения СССР, т. 3, М., 1974.

ПЛАТО (фр. plateau — жалпак төбөгиз) — үстү текши же күдүрлүү, коту-колоту аз, которуңку түздүк. Айланасындагы жерден тик капталы м-н бөлүнүп турат. П. структуралык (тоо тек катмарлары горизонталь түрүндө жатат), жанар тоолук (күдүрлүү рельеф лава м-н толуп тегизделген), денудациялык (байыркы тегиздеген түздүктөрдүн которулуусунан пайда болгон пенеплендер, абразиялык түздуктор) болуп болунөт. Кырг-нда Ангрен платосу деңиз деңг. 2400—2800 *м* бийиктө жатат. Рельефи б-ча Сөңкөл, Ара-Бел ороондору да П-го окшош.

ПЛАТОВ Матвей Иванович [6(17). 8. 1751, Старочеркасский станицасы, азыркы Ростов обл., Аксай р-ну — 3(15). 1. 1818, Новочеркасск]—донлук казак аскерлеринин атаманы (1801-жылдан), атчан аскер генералы (1809-жылдан), граф (1812-жылдан). Адегенде жүз башы, 1771-жылдан полк командири. 1775-ж. Е. И. Пугачёв башкарган дыйкандар согушун басыкган. 1782—83-ж. Кубанда ж-а Крымда А. В. Суворовдун карамагында кызмат отөгөн. Орус-түрк согушунда (1787—91) Очаковду (1788), Измаилди (1790) алууга катышкан. 1797-ж. заговор уюштурун жүрөт деген шектенүү м-н Павел I аны Костромага айдатып, кийин Петропавловский чебине каматкан. Андан 1801-ж. бошонун, адегенде донлук казак аскерлеринин атаманына башкы жардамчы, көп узабай атаман болгон. Ата Мек. согуш (1812) убагында баатыр катары таанылып, 1813—14-ж. кампанияларга активдүү катышкан. 1814-жылдан Оксфорд ун-тинин ардактуу доктору.

ПЛАТОН (б. з. ч. 428 же 427, Афины — 348 же 347, ошол эле жер) — байыркы грек философу. Ак сөөктүн үй-бүлосүнөн. 407-ж. *Сократка* жолугуп, анын сүйүктүү окуучусу болуп калган. Сократ өлгөн соң Мегарага, андан Египетке барган. 389-ж. Түш. Италияга ж-а Сицилияга барып, *Пифагордун* жолдоочулары м-н таанышкан. Афинында «Платон академиясы» деген оозунун мектебин ачкан. П-дун чыгармаларынын көпчүлүгү диалог түрүндө жазылып, диалогго көбүнчө Сократ катышкан. П-дун философиясында ыраттуулук жок, анын негизин үч онтологиялык субстанция («бирдик», «акыл» ж-а «жан») түзөт. Ага «космос» ж-дө окуу кошулат. П-дун ою б-ча реалдуу болмуштун негизи—эч белгиси жок «бирдик»; анын болуктөрү жок, мейкиндикте жайгашкан эмес, ал кыймылсыз, аны башка бир нерсеге өткөштүрүүга да, ажыратууга да мүмкүн эмес; болмуш сезимден ж-а ойлоодон жогору турат; анда перселердин «идеялары» («эйдостор») гана эмес, ошол перселердин өзү да болот. Экинчи субстанция — «акыл» (нус). Акыл таза ж-а көшүлбаган табияттан турат. П-дун ою б-ча «акыл» — бардык тирүү жаныбарларга таандык тектик жалпылык же чегине жетип тартипке келтирилген, өсүп жеткен коом турмуштун өзү. Үчүнчү субстанция — «дүйнөлүк жан». Ал «акыл» м-н дүйнөнү биригтирет; «акылдан» озунун тынымсыз кыймылы м-н айырмаланат. Бул — *өзүнө кыймылдын* принципи. «Акыл» денесиз ж-а туболуктуу. Жеке жан — «дүйнөлүк жандын» образы. П. дене м-н «жан» түбөлүк жаңыланып турат деген идея айткан. П. б-ча денениn олүшү анын башка абалга өтүшүн гана билдирет. «Идеялар» — перселердин маңызы ж-а ал ж-дө ойлоонун принциби. Алар логикалык таза эмес, көркөм түзүлүшкө да ээ. П. үчүн материя — идеянын аракетинин принциби, анын кыскарып каранғыланып көрүнүшү. Материя — формасыз жаңабайт, идея жаңайт. П. диалектиканы биринчи көнө болуучу, көптү бирдикке сыйдыруучу метод ж-а бардык персе ж-догу негизги илим деп билген. П-дун идеялары платонизмдин ж-а неоплатонизмдин көп кылымдык салтының негизин түзгөн.

Ад.: Асмус В. Ф., Платон, М., 1969.

ПЛАТОНИЗМ — философиядагы *Платондун* окуусун улантkан идеалисттик багыт. П-дин негизги мазмуну — идеялар теориясы. П-де идея—жалпыланган, зарылдык аракеттен чыккан логикалык түшүнүк. Ал — көркөм түзүлүшкө ээ болгон бөтөнчө субстанция. Материя — идеянын чагылышы. Платон өлгөндөн кийин анын идеясын «Платон академиясы» улантkан. Б. з. ч. 1-ж-да Платондун «Тимейсин» түшүндүрүп, аны системага салган Посидоний болгон. Бул стоиктик П. болуп, Филон Александрийскийдин диний окуусуна таянып көпкө жаташкан. Стоиктик П-ге аристотелдик атым каршы чыккан. Кийинчерээк Аммоний Саккас Платон м-н Аристотелдин стилинде идеалдуу дүйнө ж-дө окуу түзгөн. Б. з. ч. 1-ж-дан ал окуу Аристотелди ж-а пифагорчаларды пайдаланып, натурализмге карай күрөшкөн. Үч кылымга созулган бул күрөштүн натыйжасында неоплатонизм келип чыккан. О. кылымча ж-а Кайра жаралуу доорунда П. философияга неоплатонизм формасында таасир өткен (Августин, Ареопагитики, Иоанн Скот Эриугена, Ибн Рушд, Ибн Гебироль, Ж. Бруно ж. б.). Кийинки мезгилдеги бүткүл европ. идеалисттик философия түз же кыйыр түрдө П-дин таасиринде өнүгүдө.

Ад.: История философии, т. 1, М., 1940; Философская энциклопедия, т. 4, 1967.

ПЛАТОНОВ Борис Викторович [24. 7 (6. 8). 1903, Минск — 15. 2. 1967, ошол эле жер]—белорус совет актёру, СССР эл арт. (1948). 1953-жылдан КПСС мүчөсү. 1922-жылдан Я. Купала атн. Белорус театрында иштеген (1961—63-ж. анын көркөм жетекчиси). П. көбүнчө күрч сатиралык, драмалык, трагедиялык мүнөздөгү ролдорду аткарган. Мис., Ерыскин (Д. Фурманов ж-а Д. Поливанов, «Козлоногс»), Константин Заслонов (А. Мовзон, «Константин Заслонов»; СССР мамл. сыйл., 1948), Тумилович (К. Крапива, «Торгойлор сайрайт»; СССР мамл. сыйл., 1952). Пётр (М. Горький. «Акыркылар»), Забелин (Н. Погодин, «Кремль куранттары») ж. б. П-дун чыг-лығындагы эң маанилүү иши — В. И. Ленindин образы (Н. Погодин, «Үчүнчү патетикалык»). БССР Жог. Советинин (5—6-шайл.) депутаты. Ленин ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

ПЛАТФОРМА (лат. plat — тегиз ж-а forme — форма дегенден) — 1) которуңку аянтча, тектирче. 2) Чакан т. ж. станциясы. 3) Чакан ачык борттуу жүк тартуучу вагон. 4) *Платформа* (геол.). 5) Саясий П.— партия, топ, коомдук уюм тарабынан коюлчу программа, талап.

ПЛАТФОРМА (геол.) — жер кыртышынын (литосферанын) салыштырмалуу тынч абалда турган ири бөлүгү; жер кыртышынын геосинклиналга карама-каршы турган негизги структурасы. Аянты бир нече млн км²ге жетет. Калың. бардык жериңде дээрлик бирдей. Байыркы тоо тектер терецде жатып, үстү кийинки чөкмөлөр м-н капталып, бети түз келет. Сейсмдүүлүгү өтө төмөн. П. материктик (гранит-гнейстен турган жер кыртышынын калың. 35—45 км) ж-а океандык (гранит-гнейссиз жер кыртышынын жука катмары) болуп болунөт. Материктик П. байыркы геосинклиналдын ордунда, анын акырындык м-н өнүгүп, тынч абалга өтүшүнөн келип чыгат. Түзүлүшү б-ча П. 2 кабаттан турат: астыңкы — фундамент бүктөлүүгө, метаморфизмге ж-а граниттешүүгө дуушарланган байыркы тоо тектерден: үстүнкү — чөкмөлүү кабат (чехол) метаморфизмделбеген чөкмө тектерден түзүлөт. Фундамент жер бетине чыгып калган аймак калкан (щит), анын чөкмө тектердин калың. (3—5 км) катмары м-н көмүлүп калган жери плита деп аталат. П-ныn структуралык элементтерине, о. эле антеклиза, синеклиза ж-а авлакоген кирет. Фундамент кембрийге чейинки тоо тектерден турса байыркы П., анын составында кийинки (палеозой) тоо тектер болсо жаш П. деп аталат. Байыркы П-лар: Чыгыш Европа (Орус). Сибирь. Түн. Америка. Кытай-Корей. Түш. Кытай. Индостан (Индия). Африка. Австралия ж-а Антарктида; жаш П-лар: Батыш Сибирь. Түн. Каз-н. Туран ойдундары. Каспий ойдуну. Батыш Европа ж. б.

П. ж-дө түшүнүк 19- ж-а 20-к-дын чегинде пайда болгон (А. П. Карпинский, Э. Зюсс, Э. Ог), Термин алгач Э. Зюсстун эмгегинде (1901) колдонулган. П. ж-дө окууну өнүктүрүүдө орус ж-а сов. илимпоздор — А. П. Карпинский, А. П. Павлов, И. С. Шатский, А. Д. Яншин, А. А. Богданов ж. б-лардын салымы чоң.

Ад.: Белоусов В. В., Основные вопросы геотектоники, 2 изд., М., 1962; Косыгин Ю. А., Тектоника, М., 1969; Мирчинк М. Ф., Амурский Г. И. [и др.]. О возрасте платформ и содержа-

нии понятий «молодые платформы», «Докл. АН СССР», т. 191, № 6, 1970; Богданов А. А. [и др.], Тектоническая номенклатура и классификация основных структурных элементов земной коры материков, «Геотектоника», 1972, № 5; Хаин В. Е., Общая геотектоника, 2 изд., М., 1973.

ПЛАТФОРМИНГ — ароматуглеводороддордун ж-а автобензинидин жог. октандуу компоненттерин алуу үчүн нефть продуктуларын катализатордун катышуусу м-н иштетүү жолу, к. *Риформинг*.

ПЛАУН СЫМАЛДАР (Lycopodiophyta) — споралуу өсүмдүктөр бөлүмү. Жалбырагы же жалбырак сымал органы — филлоиддери сабакта жайгашкан. Бирден *спорангийлери* жалбырак колтугунда же сабакта орун алган. *Гаметофити* 1 же 2 жыныстуу. П. с. силур мезгилинен белгилүү. Таш көмүр доорунда өтө көбөйүп, триаста жоголо баштаган. Азыркы П. с-дын өкүлдөрү катарларга бөлүнөт.

ПЛАФОН (фр. plafond — шып) — 1) имараттын же вагон, каюталардын шыбына орнотулган электр жарыгынын арматурасы. 2) Кеңири маанide — имараттын жалпак, түркүк же купол (там чамгарак) сымал шыбы; шыпты кооздогон монумент-жасалга живописи, оймо-чийме скульптура да «П.» деп аталат. Живопись П-у шыбактын озуне, шыпка жабыштырылган *панного* сүрөт же *мозаика* түрүндө түшүрүлөт. Чиркөө м-н ак сарайлардын жасалгасы катары П. 17-к-да — 19-к-дын башында кеңири тараган. Кырг-нда П-дун үлгүсү опера ж-а балет театрында бар (Г. Айтиев, В. Вейс, В. Тюрин, 1952). Анда кыргыз сахнасында коюлган спектакль-дердин каармандары боз кендирге тартылган.

ПЛАЦДАРМ (фр. place d'armes — аскерлер топтолчу жер) — 1) башка өлкөгө басып кирүүгө даярдануунун кыралдуу күчтөр топтолчу жер. П-дын стратегиялык же оперативдүү маанiси болот. 2) Чабуул коюп баратkан аскерлердин суудан өтүүдө өзөлеп турган же чегинип бараткан аскерлердин тигил өйүздөгү өңүтү. Мис., Улуу Ата Мекен согуш убагында Днепр д-нда сов. аскерлер өзөлеген Букрин П-ы. 3) Деңиз десантынын башкы күчтөрүнүн түшүрүлүшүн камсыз кылуу максатында десант операциясын жүргүзүүдө душмандан тартылып алынган аймактын бир бөлүгү (мис., Новороссийск ж-а Керчь аймагынан сов. аскерлер басып алган жерлер).

ПЛЕБЕЙЛЕР (лат. plebs — карапайым эл дегенден) — Байыркы Римдеги эркин калктын бир катмары. Б. з. ч. 3-к-да П. уруулук коомдон тышкары туруп, жамааттык жерден пайдалануугa укуксуз болгон. Жеке менчикке жер алышып, кол оноочулук, соода м-н кесип кылышкан. П. *патрицийлерге* каршы күрөштүн натыйжасында (б. з. ч. 5—3-к-да) рим элинин составына кошулган ж-а саясий, гражд. укукка жетишип, кулчулуктан кутулган. «П.» термини б. з. ч. 3—2-к-да теги ак сөөк эмес толук укуктуу граждандарды туюндурган.

ПЛЕВРА (гр. pleurá — кабырга, каптал) — өпкөнү сыртынан ж-а көкүрөк көндөйүн ичинен каптап туруучу жылма кабык. Ал көөдөндө бири бири м-н байланышкан эки П. көндөйүн түзөт. П-ның көкүрөк көндөйүн ичинен каптаган кабыгы — каптыт, өпкөнүн сыртындагысы — өпкө П-сы делет. Бул кабыктардын ортосунда П. көндөйү болот. Каптыт П-сы жайгашуусу б-ча кабырга, боор эт ж-а ортолук П-ларга бөлүнөт. Ортолук П. өпкө тамырлары аркылуу өпкөгө өтүп, аны сыртынан каптап, ички П-ны түзөт. Ал өпкөнүн жылгаларына чейин кирип, ага бекем жабышкандыктан аны өпкөдөн ажыратуу кыйын. П. кабыргалардын ички бетинен боор этке, андан ортолук П-га өткөн жерде көңулдарды пайда кылат. Бул көңулдарга өпкө терең дем алганда гана жетет.

ПЛЕВРИТ — өпкөнүн сыртқы кабыкчасынын (плевранын) сезгенүүсү. П. инфекциялуу ж-а инфекциясыз болот. Инфекциялуу П-тин козгогучтары: туберкулёз микобактериясы, кокк, вирус ж. б. Негизинен П. өпкөнүн же лимфа бездеринин сезгенүүсү (мис., *туберкулёз*) кабылдашынан болот. Инфекциясыз П-ти уу заттардын плеврага тийгизген таасири, аның травмасы, өпкөнүн же плевранын шишиктери пайда кылат. П. негизинен кургак ж-а суулуу болуп бөлүнөт. П. белгилери: оорулуу алсырайт, чыйрыгат, эптигет, жөтөлөт, канда өзгөрүүлөр болот, эти ысыйт. Дартты аныктоодо рентгендин маанiси чоң. П-тен кийин өпкө м-н аның сырткы кабы жабышып калышы мүмкүн. Дарылоо: антибиотиктер, сезгенүүгө, аллергияга, оорунун белгилерине каршы дарылар. Суулуу П-те пункция (суюктукту сордуруп алуу) жасалат.

Ад.: Стручков В. И., Пугачёв А. Г., Детская торакальная хирургия, М., 1975.

ПЛЕКСИТ (лат. plexus — чатышуу) — инфекция, интоксикация, травма ооруларынан пайда болгон нерв ооруcу. Моюн, ийин, бел ж-а куймулчактын П-и болуп бөлүнөт. Анда нервдештирилген булчуңдардын ооруганы, алардын рефлекстеринин жоголушу ж-а сезгичтиктин бузулушу байкалат. Дарылоодо ооруну басаңдатуучу дарылар, В комплексиндеги витаминдер, физиотерапия колдонулат.

ПЛЕНУМ (лат. plenum — толук) — кандайдыр бир уюмдун (парт., мамл., профессиялык ж. б.) ички тартибине ылайык аның шайланма жетекчи органынын мүчөлөрүнүн толук катышуусунда мезгил-мезгили м-н өткөн чогулуш.

ПЛЕХАНОВ Георгий Валентинович [жашырын аты—Н. Бельтов ж. б.; 29. 11(11. 12). 1856, Гудалковка кыш., азыркы Липецкий обл., Красинпский р-ну — 30. 5. 1918, Териоки, азыркы Ленинград обл., Зеленогорск; соогу Петроградга көөлган] — марксизм теоретиги ж-а пропагандисти, россиялык, эл аралык жумушчу ж-а соц. кыймылдын ишмери. Орус дворяныныn үй-бүлөсүнөн. Воронеждеги аскер гимназиясын бүтүп, 1874-ж. Петербург тоо ин-туна кирип, рев-ячыл кыймылга катышканы үчүн андан кетүүгө аргасыз болгон. 1875-жылдан рев-ялык ишке белсенө киришкен. *«Жер жана эркиндик»* коомунун программасын түзүүгө катышкан. Падышалык полициядан жашынып, 1880-ж. Швейцарияга кеткен. 80-жылдардын башында П. соц. ад-тардан, К. Маркс, Ф. Энгельстин эмгектеринен таалим алган, батыш европ. жумушчу кыймылы м-н таанышкан. Натыйжада П. 1883-ж. народниктер кыймылынан биротоло кол үзүп, марксчылар тарабына өткөн. 1883-ж. П. Женевада «Эмгекти бөштөндүккө чыгаруу» деген марксчыл уюм түзүп, анын программасын иштеп чыккан. Ал уюм Россияда К. Маркс м-н Ф. Энгельстин эмгектерин орус тилине которуп жайылтууда көп иш аткарган; анын программасында ошо кездеги орус марксчыларынын милдеттери м-н максаттары белгиленген. «Социализм жана саясий күрөш» (1883) ж. б. эмгегинде П. народниктердин идеологиясына сокку урган.


П. филос. эмгектеринде тарыхый материализм, философиянын тарыхы, бурж. социологияны сындоо маселелерине көп көңүл бөлгөн. Алардын баалуусу — «Тарыхка монисттик көз караштын өөрчүшү жөнүндөгү маселеге карата» (1895). Бул эмгегинде П. 18—19-к-дагы дүйн. коомдук ойдурев-ячыл марксизм позициясында карап, марксизмдин пайда болушу бүткүл коомдук ой-пикирдин закон ченемдүү натыйжасы экенин далилдеп, диалек. материализмдин мурдагы бардык филос. системалардан артык экенин, терең илимийлигин ж-а таасирдүүлүгүн көрсөткөн.

Ленин П-дун Бернштейн, Струве ж. б-дын ревизионизмине каршы жазган эмгектерин жогору баалаган. П.— орустун коомдук ой-пикиринин тарыхын илим жолу м-н иштеп чыккан тунгуч марксист. Ал ад-тта орус рев-ячыл демократтарынын, айрыкча Н. Г. Чернышевскийдин материализмин биринчи баамдаган. Орус рев-ячыл демократтарынын эстетикасындагы негизги жоболорду пропагандалап ж-а өнүктүрүп, П. тарыхты материалистче түшүнүүгө таянганда гана ил. эстетика алга жыла аларын белгилеген («Искусство жана адабият», 1948, 69-б.). П. ад-т м-н искусство тап күрөшүнө көз караңды болоорун баамдаганы м-н, ад-т м-н искводогу парт. принципти түшүнө алган эмес.

П. эмгектери м-н маркстик илимге



Плакат макаласына. 1. Д. Моор. Сен ыктыярдуулар катарына жазылдыңбы? 1920. 2. И. Тоидзе. Мекен — зне чакырат! 1941. 3. В. Иванов. Батышка! 1943. 4. С. Шкоп. Кампаларды данга толтурабыз! 1957. 5. В. Иванов. Ленин — жашаган, Ленин — жашоодо, Ленин — жашайт! 6. Н. Чарухин. Дайыма күн болсун! 7. Б. Ефимов. Чили реакциясына жол жок! 8. Ф. Зубахин. Убакыт күтпөйт! 9. А. Турумбеков. Акыл, эмгек салтанаты!



Португалия макаласына. 1. Гуарда ш-на жакын жердеги ландшафт. 2. Атлантика океанынын жээгиндеги балыкчылардын Эрисейра посёлкасы. 3. Аралда е. ж. районундагы типтүү үйлөр (Лисабон). 1950-жылдар. 4. Эвордогу собордун бир Монти чиркөөсү. 1773—1827. 7. Ф. Франку. Живописчи М. Жардиндин портрети. Брагадагы Бон Жезуш де 8. А. Соариж душ Рейш. «Англиялык аялдын портрети». Мрамор. 9. Грегориу Лопиш (?). «Перилердин арасын- дагы балалуу мадонна». 16-к-дын 1-жарымы. Байыркы иск-вонун улуттук музейи. Лисабон.

кыйла баалуу салым кошсо да, рев-ячыл марксизм позициясында бекем тура албай, 20-к-дагы орус турмушунун конкреттүү шартына марксизмдин пролетариат диктатурасы, жумушчу м-н дыйкандардын союзу ж-догу окуусун колдоно албаган. 1900—03-ж., В. Ленин м-н бирге «Искра» ж-а «Заря» газетасын башкарыш турганда, Ленин экөөнүн ортосунда жумушчу кыймылынын түпкүлүктүү маселелери б-ча олуттуу пикир келишпестиктер байкалган. Экинчи съезддеп кийин П. меньшевиктер тарапка өтүп кеткен. 1905—07-жылкы рев-я мезгилинде П. либералдар м-н союз түзүү талабын коюп, Дек. куралдуу көтөрүлүшүнүн (1905) чыгышын жактырган эмес. Биринчи дүйн. согуш убагында коргонуу ураанын жактап, социал-шовинисттик ишжүргүзгөн. В. И. Ленин П-дун оппортунизми м-н шовинизмин, меньшевикчил каталарын, марксизмден кайтканын катуу сынга алган.

Февр. рев-ясынан (1917) кийин П. Россияга кайтып келип, Убактылуу өкмөттү колдогон. Окт. соц. рев-ясын кабыл алган эмес, бирок башка меньшевиктер сыяктуу Совет бийлигине каршы күрөшкөн да эмес. Коммунисттик партия П-дун иш-аракетинин ж-а чыг-лыгынын айрым моменттерине, асыресе анын теориялык ж-а тактикалык жаңылыштыгына сын көз м-н карайт, бирок анын рев-ялык кыймылга, марксстик ойду өөрчүтүп, калкка жайылтууга сиңирген эмгегин жогору баалайт.

Эмг.: Соч., т. 1—24, М.—Л., 1923—27; Литературное наследие Г. В. Плеханова, сб. 1—8, М., 1934—40; Избр. философские произв., т. 1—5, М., 1956—58; Философско-литературное наследие Г. В. Плеханова, т. 1—3, М., 1973—74.

Ад.: К. Маркс, Ф. Энгельс и революционная Россия, М., 1967; Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., (к. Справочный т., 1-болук, 519—23-б.); Фомина В. А., Философское наследие Г. В. Плеханова, М., 1956; Митин М. Б., Историческая роль Г. В. Плеханова в русском и международном рабочем движении, М., 1957; Черкашин Д., Эстетические взгляды Г. В. Плеханова, Хар., 1959; Чагин Б. А., Г. В. Плеханов и его роль в развитии марксистской философии, М.—Л., 1963; Чагин В. А., Курбатова И. Н., Плеханов, М., 1973.

ПЛЕНКА кино ж-а фотографиялык — тунук эластикалуу негиздин бетине жарык сезгич катмар жабылган материал. П. арналышы б-ча негативдүү, позитивдүү ж-а бири бирине өтмө болуп болунөт (к. *Негатив* ж-а *Позитив*). Негиздин калыңд. 0,11—0,14 *мм*, ал ото бышык болот. Желатинден турган ак-кара эмульсия катмарынын калыңд.— 15—20 *мкм*, түстүүнүкү — 35 *мкм*ге чейин. Фотографиялык касиети б-ча П. жалпы ж-а атайын болуп айырмаланат. П-ны суу же фотографиялык эриткич м-н иштетүүдө эмульсия катмары көөп чыгат, ал эми 37—40°Сде ал катмар эрип кеткендиктен П-ны андан төмөнүрөөк темп-рада иштетүү зарыл.

ПЛИЕВ Иса Александрович [12 (25). 11. 1903, Старый Батакоюрт кыш., азыркы Түп.-Осетин АССРи, Правобережный р-ну—7. 2. 1979, Москва]— сов. аскер начальниги, армиянын генералы (1962), эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1944, 1945). МӨРдин баатыры (1971). 1926-жылдан КПСС мүчөсү. 1922-жылдан Сов. Армияда. Ленинград атчандар мектебин (1926), М. В. Фрунзе атн. Аскер академиясын (1933), Генштаб Аскер академиясын (1941) ж-а Генштаб аскер академиясынын жог. академиялык курсун (1949) бүтүргөн. 1936—38-ж. монгол Элдик-рев-ячыл армиясында кеңешчи. Улуу Ата Мек. согушта атчандар дивизиясына, 2—3—4-гвард. ж-а 5-атчандар корпусуна, 1944-жылдан 1-гвард. аттуу-механикалаштырылган тонко командачы. П. Москва, Сталинград салгылаштарына, Одесса, Белоруссия, Будапешт, Прага операциясына ж-а импер. Японияны талкалоого катышкан. Согуштан кийин жооптуу кызматтарда. 1958-жылдан Түн. Кавказ аскер округунун командачысы. 1961-жылдан СССР Коргоо мин-восунда жооптуу кызматта. 1961—66-ж. КПСС БКнын мүчөлүгүнө кандидат. СССР Жог. Советинин (2—7-шайл.) депутаты. Алты Ленин ордени, башка 7 орден, медалдар ж-а чет элдик 9 орден м-н сыйланган.

ПЛИМУТРОК — эт-жумуртка багытындагы тоок породасы. 19-к-дын 2-жарымында АКШда чыгарылган. Өңү көбүнчө чаар, ак ж. б. Корозунун тирүү салм. 3,6—4,3 *кг*, мекиясы — 2,7—3,4 *кг*. Жылына 160—170 жумуртка туйт. Жумурткасынын салм. 55—60 *г*. П. көп өлкөдө асыралат. СССРде негизинен ак П. өстүрүлүп, башка породалар м-н аргындаштырылууда. Кырг-нда да бар.

ПЛИСЕЦКАЯ Майя Михайловна (20. 11. 1925-ж. т., Москва) — сов. бийчи, СССР эл арт. (1959). 1943-ж. Москва хореография окуу жайын бүтүп (Е. П. Гердт, М. М. Леонтьева классы б-ча), Чоң театрдын труппасына кабыл алынган. Алгачкы көрүнүктүү партиясы — Маша (П. Чайковский, «Щелкунчик», 1944). П-нын ийкемдүү кыймылынын натыйжасында бий өнөрү өтө бийик гармониялуулукка жетип (К. Сен-Санстын музыкасы б-ча «Өлүп бараткан ак куу»), П. И. Чайковский, А. К. Глазунов, Ж. Бизенин музыкалары жаңы табылгалар м-н интерпретацияланган. П-нын артистик өзгөчөлүгү лирикалык ж-а баатырдык партияларды ойноого өтө ийкемдүү: Одетта-Одиллия (П. Чайковский, «Ак куу көлү»), Жез тоонун ээси (С. Прокофьев, «Таш гүл»), Раймонда (А. Глазунов, «Раймонда»), Китри (Л. Минкус, «Дон Кихот»), Аврора (П. Чайковский, «Уйкудагы сулуу»), Кармен (Ж. Бизе, Р. Щедриндин музыкасы, «Кармен-сюита»), Анна Каренина (Р. Щедрин, «Анна Каренина» ж-б. 1972-ж. П. П. Рыженко ж-а Д. Смирнов-Голова-нов м-н бирге «Анна Каренина» балетин (Л. Толстойдуку б-ча) Чоң театрда койгон. АКШ, Улуу Британия, Франция, Италия, Канада ж. б. өлкөлөрдө гастролдо болгон. Лениндик сыйл. (1964) лауреаты. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Рославлева Н. П., Майя Плисецкая, М., 1968.



Г. В. Плеханов.



М. М. Плисецкая.

ПЛИТА (геол.) — платформа чегиндеги жер кыртышынын чөкмө тектердин калың катмары м-н көмүлүп калган бөлүгү (к. *Платформа*); мис., Орус, Туран, Батыш Сибирь ж. б. П-лар.

ПЛОВДИВ — Болгариянын түштүгүндөгү шаар. Марица д-ныи жээгинде. Калкы 209,2 миң (1975). Жол тоому. Экон. ж-а маданий мааниси жагынан өлкөдөгү 2-шаар. Машина куруу ж-а электр-тех. ө. ж-ларынын маанилүү борбору. Тамак-аш, текстиль, кийим тигүү ж. б. ө. ж. ишканалары иштейт. П-ге жакын коргошун-цинк комбинаты жайгашкан. 1933-жылдан (жылына) эл аралык ярмарка өткөрүлөт. Мед., а. ч. ж-а тамак-аш ж. б. пл. из. ин-ттар, археол., этногр. музейлери, сүрөт галереясы, драма ж-а элдик опера театрлары бар.

ПЛОЕШТИ — Румыниянын түштүгүндөгү шаар. Прахова у-нин админ. борбору. Калкы 178,3 миң (1975). Жол тоому. П-ге жакын нефть, жаратылыш газы, ө. эле күрөң көмүр, таш тузу казып алынат. Ө. ж-нын негизги тармактары: нефть ажыратуу, машина куруу (нефть ж-а хим. жабдуулар, подшипник, транспорт каражаттары) ж-а тамак-аш ө. ж. (эт, сүт, ун, шарап). Химия, текстиль (жүн), айнек-фаянс, тери ишканалары иштейт. ТЭС бар.

ПЛОТИН (204-ж. чен, Египет, Ликополь — 269 же 270, Италия, Минтурн) — грек философу, мистик, неоплатонизмдин негиздөөчүсү. П-дин философиясынын өзөгүн 3 негизги онтологиялык субстанцияны — «бүтүндүктүн», «акылдын» ж-а «жандын» диалектикасы түзөт. П-дин ою б-ча дүйн. процесс адегенде «акылга», анан «жанга» айланууучу «кереметтүү бүтүндүктөн» башталат. Адамдын жашоо максаты «бүтүндүккө» жетүү. Натыйжада жан кудайга бириге имиш. Анын 54 трактата бапталган окуусу христиандык философияга чоң таасир тийгизген.

654014
Кыргызская Республиканская КИТЕПКА-ТАШ Научная библиотека

ПЛОТИНА — суу деңгээлин көтөрүү, суу басымын жогорулатуу ж-а суу сактагыч түзүү максатында дарыяны тосуп курулган гидротех. курулма. П-ның суу чарбасында маанисиз зор. Ал суунун деңгээлин бийиктетип кеме жүргүзүүгө, карагай агызууга, сугат үчүн суу берип турууга, энергия өндүрүп алууда суунун агымынын урунуш басымын көбөйтүүгө, дарыяда суу тартылганда суунну көбөйтүп ж-а суу киргенде азайтып жиберип турууга мүмкүндүк түзөт.

Россияда П. куруу 17-к-дан башталган. Бирок бетондолгон ири П. совет бийлигинин мезгилинде, айрыкча ГОЭЛРО планынан кийин курулуп, азыр Ангара д-нда (бийикт. 128 *м*), Красноярэ (124 *м*), Саян (242 *м*), Нурек (300 *м*), Токтогул (215 *м*) ГЭСтеринде ар түрдүү П-лар бар.

П-ның конструкциясы анын өлчөмүнө, арналышына, жерг. шартка ж-а негизги курулуш материалдарына карата аныкталат. Арналышына жараша суу сактагыч ж-а суу көтөргүч болуп бөлүнөт. Суу агымынын урунуш басымынын чоңдугу б-ча аз (10 *м*ге чейин), орт. (10дон 40 *м*ге чейин) ж-а күчтүү басымдуу (40 *м*ден жогору) болуп айырмаланат. Гидротүйүндүн составында аткарган ролуна жараша тосмо, суу агызма ж-а станциялык П. болушу мүмкүн. Тосмо П. суунун агымын (нугун) гана тосуп калат. Суу агызма П-да суу жиберилип, кайра тосулат; станциялык П-да ГЭСке түтүк м-н суу дайыма берилет. Негизги материалдын түрүнө жараша топурак, таш, бетон ж-а жыгач П. болуп ажыратылат. Бул П-ларда суу агып кетпес үчүн түбүнө суу өткөрбөс материал төшөлөт.

ПЛОТНИКОВ Николай Сергеевич [24. 10(5. 11). 1897-ж. т., Вязьма] — орус совет актёру, СССР эл арт. (1966). 1954-жылдан КПСС мүчөсү. МХАТ мектебинде (1922—26) окуган. МХАТтын 4-студиясында (1922—34), Рев-я (1934—36), Кызыл Армиянын Борб. театрларында (1936—38), Вахтангов атн. театрда (1938-жылдан) иштеген. П.— негизинен комедиялуу, мүнөзү курч ролдорду аткарган кең диапазондуу актёр. Ал В. И. Ленindин ролун (Н. Погодин, «Мылтыкчан киши») аткарган. Көрүнүктүү ролдору: Шмага (А. Островский, «Күнөөсүз күнөөлүүлөр»), Сердюк (А. Арбузов, «Иркутск окуясы») ж. б. Кинодо тартылып («Сенин замандашың», 1968), Ниточкиндин ролу үчүн Карлови-Вариде Эл аралык кино фестивалда сыйлык алган. П. ж-до «Николай Сергеевич Плотников» (1972) деген телефильм бар. П. Мосфильмдин актёр мектебинде (1935—37), ВГИКте (1937—39), ГИТИСте (1932—51; 1946-жылдан доцент) сабак берген. СССР мамл. сыйл. (1947), РСФСРдин К. С. Станиславский атн. мамл. сыйл. (1970) лауреаты. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ПЛОТНИКОВ Павел Артемьевич (4. 3. 1920-ж. т., Алтай крайы, Гоньба кыш.) — эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1944, 1945), авиациянын генерал-майору (1966). СССРдин эмг. сиң. аскер учкучу (1966). 1944-жылдан КПСС мүчөсү. 1940-ж. 3-Новосибирск аскер-авиация мектебин, 1951-ж. Аскер-аба (азыркы Ю. А. Гагарин атн.) академиясын, 1960-ж. Генштаб Аскер академиясын бүткөн. Улуу Ата Мек. согушта Түш.-Батыш, Түш., Закавказ, Воронеж, Талаа, 2- ж-а 1-Украин фронтторунда салгылашып, катардагы учкучтан авиаполктун эскадрильясынын командирлигине чейин жеткен. 343 жолу согуштук учуш жасап, душмандын 3 самолётун атып түшүргөн. Согуштан кийин ААКта жооптуу кызматтарда. Ленин ордени, 3 Кызыл Туу, башка 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган. Барнаулда бюсту орнотулган.

ПЛУТАРХ (46—127-ж. чейин) — байыркы грек жазуучусу, тарыхчы ж-а философ. Афинадан энциклопедиялык билим алып, аның ардактуу гражданы болгон. Грецияны бүт кыдырып, Рим м-н Александрияга барган. Философ катары П. *платонизм* салтына кошулуп, философияны системалуу илим катары эмес, ар тараптуу билимдүүлөрдүн өзүн өзү тарбиялоочу куралы катары караган. Чыг-ларында моралдык маселелер көбүрөөк козголгон. Коломдүү тарыхый материал камтыган «Салыштырма турмуш баяны» деген эмгектин автору. Анда римдик ж-а грециялык окмөт башчылар м-н саясий ишмерлердин иштери макталган. Ал Рим империясын жактаган.

Ад.: Аверинцев С. С., Плутарх и античная биография. К вопросу о месте классика жанра в истории жанра, М., 1973.


ПЛУТОН — *Күн системасындагы* Күндөн санаганда аралыгы б-ча тогузунчу планета. Аны астр-яга кызыккан К. Томбо 15-жылдыз чоңдугу катары аныктаган (1930). П-дун орбитасы озүнө жакын жаткан чоң планеталардын орбитасына окшобойт. Анын эксцентриситети $e=0{,}253$. П-дун Күндөн орт. аралыгы 39,75 *а. б.*, Күндү 4,7 *км/сек* ылдамдык м-н 250,6 жылда айланып чыгат. П-дун массасы Жердин массасынын 0,18ден 0,11ге чейинки бөлүгүн түзөт, тыгыз. $6{,}3\cdot10^3$ *кг/м*^{3}, темп-расы —230°С. Спутниги белгисиз. П. массасынын өтө кичинелиги, тыгыздыгынын чоңдугу, атм-расынын жоктугу ж-а орбитасынын озгочолүгүнө байланыштуу башка гигант планеталардан айырмаланып турат.

ПЛУТОНИЙ (лат. Plutonium), Pu — жасалма жол м-н алынган радиоактивдүү хим. элемент, ат. н. 94; *актиноиддерге* кирет. 1940—41-ж. амер. окумуштуулар Г. Сиборг, Э. Макмиллан ж. б. ачышкан. Массалык саны 232ден 246га чейинки изотоптору белгилүү. Анын туруктуурак изотобу α-радиоактивдүү ^{244}Pu. П.— жалтыраган ак металл, 640°Сге чейинки температурада 6 аллотропиялык модификацияда болот. П-дын 310°Сден 480°Сге чейин ысытканда башка материалдар сыяктуу кеңейбестен, кысылат. Хим. касиети б-ча уран, нептунийге окшош. Кычкылдануу даражасы +2ден +7ге чейин. Анын кычкылдары (PuO, Pu_2O_3, PuO_2 ж. б.) ж-а галогениддери (PuF_4, PuF_6, $PuCl_4$ ж. б.) белгилүү. Изотопторунан α-радиоактивдүү ^{239}Pu эң маанилүү. Аның ядросу уланма реакцияга киндомдүү. Ошондуктан ал атом энергиясынын булагы катары пайдаланылган. Металлдык П. PuF_3, PuF_4, PuO_2ни барий, кальций же литийдин буусу м-н калыбына келтирүүдөн алынат. ^{239}Pu атом реактордо, атомдук ж-а термоядролук бомбада, ^{238}Pu изотобу атомдук электр батареяларын даярдоодо колдонулат.

Ад.: Плутоний. Справочник. под ред. О. Вика. пер. с англ., т. 1—2, М., 1971—73.

ПЛЬЗЕНЬ — Чехосл-янын батышындагы шаар. Чех Соц. Респ-касында. Жол тоому. Калкы 155 миң (1975). Өлкөдөгү маанилүү экон. ж-а маданий борбор. Оор индустрия борборлорунун бири. В. И. Ленин атн. машина куруу з-ду (мурдагы Шкода з-ду), электровоз, энергетика, металлургия ж-а атом ө. ж. жабдууларын ж. б. чыгарат. П. пиво кайнатуу б-ча белгилүү. Тамак-аш, кагаз, карапа, айнек, тери ө. ж. ишканалары иштейт. Мед., машина куруу, электр тех., пед. ин-ттары; театр ж-а музейлер бар. П. 1292-ж. негизделген.

ПЛЮВИОГРАФ (лат. pluvia — жамгыр ж-а *...граф*) — жаан-чачындын өлчөмүн, узактыгын ж-а ургаалдуулугун каттоочу прибор. СССРде колдонулуучу П. алынты 500 *см*^{2}ге барабар цилиндр формасындагы кабыл алуучу идиштен турат (к. сүрөт). Жаан суусу кабыл алуучу идиштен (1) түтүкчө (2) аркылуу суу жыйнагыч камерага (3) куюлуп, жебе (4) м-н туташ калкыгычты жылдырат. Камерага суу толгондо калкыгыч



П-1 тибиндеги плювиограф.

калкып, сууну сифон (6) аркылуу чакага (7) куюучу механизмди (5) ишке киргизет. Маалымат саат механизми б-ча айлануучу барабанга (8) кадалган атайын лентага жазылат. Графиктеги тик сызыктар убакытка, горизонталь сызыктар түшкөн жаанчачындын өлчөмүнө туура келет. Жазуу лентанын төмөнкү четинен (нолдон) башталат; камера толгондо (10 *мм* өлчөмдө түшкөн жаан-чачын) жазгычтын учу лентанын жог. четине жетип, суу төгүлөт да жазуу кайрадан нолдон башталат.

Ад.: Стернаат М. С., Метеорологические приборы и наблюдения, Л., 1968.

ПЛЮМАЗИТ — составы плагиоклаз (75%ке чейин), корунд (23%ке чейин) ж-а кошунду түрүндөгү шпинелден турган, даана кристаллдашкан тарамдуу тоо тек. П. метасоматоз жолу м-н пайда болот.

ПЛЮРАЛИЗМ (лат. pluralis — көп дегенден) — *монизмден* айырмаланып, дүйнөдөгү бардык нерсе бири бирине көз карандысыз өз алдынча жашаган көптөгөн маңыздардан куралат деп эсептеген көз караш. Терминди немец философу Х. Вольф сунуш кылган (1712). Империализм тушунда П. бурж. философиянын алдыңкы методологиясына айланган. Азыркы бурж. идеалисттер (прагматисттер, экзистенциалисттер ж. б.) П-ге ыкташат. «Плюралисттик демократия» теориясы бурж. өлкөдө бийлик коллективдүү мүнөзгө өттү деп эсептесе, ревизионизмдин айрым идеологдору марксизмде П. бар, ал эми социализм бир канча «моделге» ээ деп ырасташат. Диалек. материализм бир беткей монизмдин да, П-дин да кемчиликтеринде дуушар болбой, дүйнөнүн материалдык биримдигин баса көрсөтүү м-н анын сапатынын көп түрдүүлүгүн да белгилейт.

ПНЕВМАТИКАЛЫК АСПАП — *пневмокыймылга келтиргичи* бар кол м-н иштетилүүчү машина. П. а. кол эмгегин механикалаштыруу максатында курулушта, машина курууда, металл иштетүүдө, тоо-кен ө. ж-нда, транспортто колдонулат. Көбүнчө пневматикалык балка, перфоратор, бетон бузгуч, гайка бурагыч, араа, кайчылар, жылмалоочу ж-а козоочу машиналар кошпи колдонулууда. Алардын салм. 2—10 *кг*. П. а-та кубаттуулугу 0,15—1,75 *квт* болгон (0,2—2,5 *а. к.*) поршендүү ж-а ротациялуу киймылдаткычтар колдонулат. Кысылган абанын басымы 0,6—1 *мн/м*^{2} (6—10 *кгк/см*^{2}). П. а. к. аз (10—15%) болгондугуна карабастан П. а. иште кооптуу, ишенимдүү болуп, жог. нымдуулукта, чаңда узак убак токтоосуз иштей алат. Ошондуктан ал өндүрүштө кеңири колдонулат.

ПНЕВМАТИКАЛЫК БАШКАРУУ — пневматикалык каражаттар м-н ар кандай процесстерди башкаруу, к. *Пневмоавтоматика.*

ПНЕВМАТИКАЛЫК ДРОССЕЛЬ. пневмокаршылык — *пневмоавтоматиканын* негизги элементтеринин бири; ал абанын (газдын) агышына тоскоол болгондуктан анда абанын басымы төмөндөйт. П. д-де басымдын такыр болбой калышы агымдын ар кайсы болүгүндөгү басымдын төмөндөшүнөн пайда болот. П. д. туруктуу (кол м-н башкарылма же башкарылбас) ж-а өзгөрмө (автоматтык башкарылма) болуп бөлүнөт. П. д-дин параметрлери газдардын агуу мүнөзүнө (ламинардык же турбуленттик) байланыштуу.

ПНЕВМАТИКАЛЫК НАСОС — кысылган абанын (газдын) жардамы м-н суюктуктарды жогору көтөрө турган түзүлүш. Компрессордон түтүк м-н жиберилген кысылган аба (газ) ичине суюктук толтурулган түтүктөгү суюктукту басым күчү м-н түртөт. Жиберилген аба м-н аралашкан суюктуктун басымы таза суюктуктун басым күчүнөн чоң болот да, суу жогору түртүлүп чыгат. Натыйжада суюк аба аралашмасы атып чыкканда суюктук чачырабасын үчүн түтүктүн учуна суюктук тоскуч орнотулат. П. н. кудуктардан суу ж-а нефть чыгарууда ж. б. колдонулат.

ПНЕВМАТИКАЛЫК ӨЛЧӨГҮЧ ПРИБОР (машина куруудагы) —машиналардын ж-а механизмдердин тетиктеринин сызыктуу өлчөмдөрүн өлчөгүч прибор. Иштөө принциби басымдын аракетинен соплодон чыккан абанын сарп болуусуна негизделген. Тетиктин ченелүүчү өлчөмү соплонун алдына белгилүү аралыкта коюлат. Өлчөнүүчү чоңдукка жараша тетик м-н соплонун аралыгы өзгөргөндө, абанын сарп болушу да өзгөрөт. П. ө. п. абаны даярдагыч түйүндөн, эсептегич же команда берүүчү түзүлүштөн, өлчөгүч механизмден турат. Эсептегич түзүлүштүн түрүнө жараша ротаметрдик ж-а манометрдик болуп бөлүнөт. П. ө. п. активдүү текшерүү системаларында, текшерүү автоматтарында колдонулат.

ПНЕВМАТИКАЛЫК ПОЧТА — документтерди, майда буюмдарды түтүк б-ча абанын агымы м-н жылдыруучу *пневматикалык транспорттун* бир түрү. П. п-нын установкасы түтүктөн, транспорттук контейнерлерден, кабыл алгыч — жөнөткүч түзүлүштөн, аба үйлөгүчтөн ж. б. турат. Транспорттук контейнер ичине буюм салынган патрон же капсул түрүндө болуп, жөнөткүч түзүлүштүн жардамы м-н түтүктүн ичине салынат. Аба үйлөгүч түзгөн түтүктөгү абанын басымынын өзгөрүүсүнүн натыйжасында жүк станциядан станцияга жылат. Ички П. п. бир мекеменин ичинде, ал эми тышкы П. п. шаардын ичиндеги мекемелерди байланыштырат. Ички П. п-нын узундугу бир нече жүз *м*ге, тышкыда бир нече жүз *км*ге жетет. П. п. байланыш мекемелеринде, банкта ж. б. мекемелерге документтерди, оорулуунун карточкасын ж-а дарыларды ооруканага, экспресс лабор-яларынан аспап, тетик, үлгүлөрүн өндүрүшкө жөнөтүүдө ж. б. колдонулат.

ПНЕВМАТИКАЛЫК ТРАНСПОРТ — кысылган абанын энергиясын пайдаланын чубурма, дааналай ж-а илээшкек материалдарды бир орундан башка орунга жылдырып ташуучу установкалар ж-а жабдуулардын жыйындысы; ө. ж. транспортунун бир түрү. П. т-тун установкасы компрессорлор м-н күч берүүчү станциядан же вакуум насосторунан, жүктөөчү ж-а түшүрүүчү түзүлүштөн, ток булагынан, затвордон, транспорттук түтүктөрдөн, циклондон, чыпкадан ж. б. турат. Материалдарды жылдырып которуштуруу кысылган абанын агымында же туташ агым м-н (аэрозоль-транспорт) жүргүзүлөт. Азыркы кезде чоң басымдын таасири м-н диаметри 2 *м* келген ж-а 20—30 *км/с* ылдамдыкта жылуучу деңгөлектүү контейнерлүү пневматикалык түтүктөр колдонулууда (к. *Пневматикалык почта*).

ПНЕВМАТОЛИЗ (гр. pnéumatos — желдөө ж-а lýsis — ажыроо, эрүү) — магмадан бөлүнүп чыккан учма (жеңил) бирикмелердин тоо тектерге тийгизген таасиринен минералдар пайда болуу процесси. Буунун, B, P, S, As бирикмелеринин, калай, вольфрам, бериллий, литий ж. б-лардын фториддери м-н хлориддеринин магмага жанама жаткан тоо тектер м-н өз ара аракетинен П. жүрөт. Көбүнчө кычкыл (гранит), кээде жегичтүү ж-а негиздүү интрузия тектери жаткан жерлерде болуп, айрым учурда П. кендерин пайда кылат.

ПНЕВМАТОЛИЗ КЕНИ — жердин терең катмарында суюй баштаган магмадан бөлүнгөн минералдашкан ысык буу м-н газдын пневматолиздешүү процессинен пайда болгон кен. Мында грейзен, жог. темп-радагы гидротерм эриндисинен пайда болгон альбитит ж-а метасоматоз процессинен өзгөргөн пегматит кендери пайда болот. Бул кендер көбүнчө тарам, шток, уя, туура эмес формада болуп, өлчөмү бир нече *км*ге чейин созулат. П. к-не составында учуучу компоненттер (H_2O, F, B) бар минералды пайда кылуучу метасоматизм процесси мүнөздүү. Негизги минералдары: кварц, топаз, слюда (көбүнчө мусковит), альбит, турмалин, флюорит ж-а аның составындагы сейрек жер элементтер (W, Sn, Be, Li). П. к. гранит интрузиясы өнүккөн аймактарда (мис., Чыгыш Сибирдеги ж-а Каз-ндагы калай, вольфрам кендери, Чехосл-ядагы Кендүү Тоо, ГДРде ж. б.) кеңири таралган.

Ад.: Смирнов В. И., Геология полезных ископаемых, М., 1969.

ПНЕВМОАВТОМАТИКА (гр. pnéuma — желдетүү, аба) — газдын (абанын) басымы м-н информация берип турган *автоматтык башкаруу* системасын түзүү үчүн керектелүүчү тех. каражаттардын комплекси; авто-

матташтыруунун газ басымы м-н иштей турган тех. каражаттарын үйротүүчү предмет. П-ның тех. түзүлүштөрү жайыраак аткарыла турган процесстерде ж-а башкаруу алгоритмдерин берүү үчүн эсептөө коп эмес учурда пайдаланылат; П-ның каражаттары технол. процесстерди башкаруучу системаларда керектелет. Мында *автоматиканын* электрондук каражаттарынын ордуна пневматикалык каражаттар тандалып алынат. Анткени электрондук приборлорго караганда П. жарылып же күйүп кетпейт, о. ж. имараттарындагы таза эмес абада, күчтүү электр-магнит талаасында үзгүлтүксүз иштей берет.

СССРде 50-жылдардан баштап автоматташтыруунун универсал пневматикалык каражаттарынын комплексин түзүү б-ча маанилүү кадам жасалды. Айрым процесстерди жөнгө сала турган блоктор м-н приборлордон түзүлгөн жөндөө системалары пайда болуп, аны м-н айрым агрегат башкаруу мүмкүн болду. Каражаттардын мындай системасы агрегаттык унификацияланган система (АУС) деп аталды. АУСту колдонуу м-н П-ны пайдалануу дагы кецейди. 60-жылдардын башында о. ж. пневматикасынын элементтеринин универсал системасы деп аталган жаңы пневматикалык элементтер системасы иштеп чыгарылды ж-а өздөштүрүлдү. Ошондон тартып П. башкаруу системасын түзүүнүн элементтүү ыкмасы практикага кецири киргизилди. Ушул ыкма б-ча үзгүлтүксүз иштөөчү процесстерди башкара турган «Старт», «Центр», «Цикл» сыяктуу автоматтык системалар түзүлдү.

П-да колдонулуучу пневматикалык каражаттар информацияны чогултуучу түзүлүш (пневматикалык бил-диргичтер, ажыраткычтар), информацияны өзгөртүүчү ж-а сактагыч (пневматикалык жөндөгүч, оптимизатор, эсептегич аналогдуу түзүлүш, реле системасы), информация бергич (каттоочу түзүлүш, индикатор) ж-а информацияны башкаргыч, таасир өткөргүч (пневматикалык аткаргыч) катары кызмат аткарат. П. хим. ж-а нефть иштетүүчү о. ж-да, нефть, газ ж-а көмүр казуучу шаканаларда ж-а о. ж-дын башка тармактарында автоматташтыруунун негизги каражаттары катары кецири тараган.

Ад.: Фудим Е. В., Пневматическая вычислительная техника. Теория устройств и элементов, М., 1973; Дмитриев В. Н., Граденний В. Г., Основы пневмоавтоматики, М., 1973.

ПНЕВМОДҮРМӨТТӨГҮЧ — жарылгыч заттарды чуцкурга *(скважинага)* кысылган аба м-н киргизүүчү прибор. П. жарылгыч затты абдан тыгыз жайгаштырат.

ПНЕВМОКОККТОР (гр. pnéumon — өпкө ж-а гр. kókkos — дан) — бактерилялардын бир түрү. Кишиде көбүнчө өпкөнүн крупоздуу сезгенишин козгойт. Организмден тышкары чойродо анча туруктуу эмес.

ПНЕВМОКОНИОЗДОР (гр. pnéumon — өпкө, konia — чаң) — өпкөнүн өндүрүштөгү чаңдуу аба м-н көшө дем алуудан пайда болгон фиброздуу кеселдери; кесип ооруларына кирет. П. тоо-кен, таш көмүр, фарфор ж. б. о. ж-да ишгегендерде кездешет. П. чаңдын составына жараша силикоз, асбестоз, антракоз, талькоз ж. б. болуп болүнөт. Алар — өпкөт оору. П. жумуштун шартына, организмдин туруктуулугуна ж. б-га байланыштуу. Өпкөго кирген чаң дем алуу жолдорунун былжыр челинде иргелет да, сыртка чыгарылат. Альвеолдорго жеткен чаң *фагоцитоз* процессинин жардамы м-н организмде болүнөт. Өндүрүштөгү чаңдын эң майда болүкчөлөрү өпкөдө фиброздук өзгөрүүлөрдү пайда кылат. Адегенде көкүрөк ооруп, кургак жөтөл башталат да өпкөнүн функциясы начарлоо м-н жүрөккө күч келет, натыйжада ал ооруга чалдыгат.

Көп учурда жог. дем алуу жолдорунун да былжыр челинин өзгөрүүлөрү байкалат. П. кабылдаганда пневмония, туберкулёз, бронхоэктаз ж. б. ооруларга өтөт. Дарылоодо өпкөго чаң токтотпой чыгаруу, чаңга аллергиялык реакцияны азайтуу, организмдин иммунитетин жогорулатуу, о. эле гимнастика, *витамин менен дарылоо, антибиотиктер* ж. б. колдонулат. Алдын алуу: өндүрүштө чаңды азайтуу, мезгил-мезгил м-н мед. кароо, оорунун башталышын айкындап, иш абалын алмаштыруу ж. б. чаралар.

Ад.: Профессиональные болезни, под ред. А. А. Летавета, 3 изд., М., 1973.

ПНЕВМОКЫЙМЫЛГА КЕЛТИРГИЧ, пневматикалык аткаргыч механизм — автоматтык жөндөө системаларында жөндөгүч органдарды (клапанды, жылдыргычты, кранды ж. б.) аралыктан башкара турган пневматикалык күч бергич түзүлүш. Жөндөгүч органдарга аракет кылуу мүнөзүнө жараша алга жылма ж-а айланма П. к. болуп айырмаланат. Мунун алга жылма түрү көбүрөөк колдонулат да, ал эки ж-а көп позициялуу болот. Эки позициялуу П. к. жөндөгүч органды бир четки абалдан экинчи четки абалга келтирүү, көп позициялуусу башкаргыч сигналга жараша жөндөгүч органды ар кандай абалга келтирүү үчүн колдонулат. Конструкциялык түзүлүшү б-ча алга жылма П. к. поршендүү ж-а мембраналуу болуп жасалат. Поршендүү П. к. цилиндр түрүндө болот да, анын ичинде кысылган абанын аракети м-н штокту поршень жылып жүрөт. Ал бир же эки таранка аракеттүү болот. Поршендүү П. к-тин негизги параметри — штокто пайда болгон күч, ал күч кысылган абанын басымына ж-а цилиндрдин көлөмүнө жараша өзгөрүлөт. Мембраналуу П. к. жылчыксыз бекитилген камера түрүндө жасалат. Анын ичи жумуш аткара турган эки көңдөйчө мембрана м-н болүнөт, мембрананын дал ортосуна шток бекитилет. Мембраналуу П. к. бир ж-а эки тарапка аракеттүү болот. Мында штокто пайда боло турган күч мембрананын аянтына ж-а ал аянтка аракет кылган басымга көз каранды.

ПНЕВМОНИЯ, к. *Өпкөнүн сезгениши.*

ПНЕВМОСКЛЕРОЗ (гр. pnéumon — өпкө ж-а *склероз)* — өпкөнүн туташтырма тканынын өсүшү. Ал ар түрдүү оорулардын (пневмония, *бронхит, бронха астмасы,* грипп, *туберкулёз, пневмокониоздор, коллаген оорулары,* жүрөктүн начарлашы, балдардын жугуштуу оорулары ж. б.) натыйжасында пайда болот. П. болгон өпкөнүн чоюлгуч ткандары туташтырма ткань м-н алмашып, өпкө деформацияланат ж-а ткандары бузулат (пневмоцирроз). П. өпкөнүн бир аз же бардык жерлеринде (диффузиялык П-до дем кысылат ж-а дем алуунун начарланышынан өпкөнүн эмфиземасы пайда болот. Диффузиялык П. күчөгөндө кандын айланышынын кичине тегерегинде гипертония болуп, натыйжада жүрөктүн оң карынчасы кецейип, жүрөк начарлайт. П. диагнозун коюуда *перкуссия, аускультация,* рентген м-н изилдөө чоң жардам берет. Дарылоодо бронхалардын жыйрылуусун азайтуучу дарылар, *антибиотиктер,* сульфаниламиддер, гормон дарыларынан — кортикостероиддер, айыктыруучу физ-ра, жүрөк гликозиддери ж. б. колдонулат.

Ад.: Многотомное руководство по внутренним болезням, т. 3, М., 1964; Мясников А. Я., Внутренние болезни, М., 1967.

ПНЕВМОТОРАКС (гр. pnéuma — аба ж-а thorax — көкүрөк) — көкүрөк көңдөйүндө аба же газдын чогулушу. Пайда болушуна жараша травмалык, өзүнөн өзү пайда болгон ж-а жасалма П. болуп болүнөт. Травмалык П. ачык (көкүрөк клеткасы бычак, ок м-н жаралангында) же жабык (көкүрөк клеткасынын териси жаралан-байт) болот. Өзүнөн өзү пайда болгон П. өпкө эмфиземасы м-н кистасында, өпкө ткани көкүсүнан жарылганда ж. б-да кездешет. Негизги белгилери: оорулуунун көкүрөк клеткасы ооруп, деми кысылат. Көкүрөк клетканын, моюндун, бет терисинин астында абанын жыйналышы мүмкүн. П. күчөгөндө плеврит, гемопневмоторакс (көкүрөк көңдөйүнө кандын чогулушу) пайда болот. П-тагы биринчи жардам — тезинен көкүрөк жараатын байлап таңуу; клапандуу П-да — көкүрөк көңдөйүнөн абаны сордуруу. Туберкулёздун ачык формасын дарылоо максатында жасалма П. колдонулат.

ПНОМПЕНЬ — шаар, *Кампучиянын* борбору. Меконг д-ның жээгинде. Дарыя порту, деңиз кемелери кире алат. Автомобиль жолдор тоому. Бангкок (Таиланд) м-н т. ж. аркылуу байланышат. Аэропорту эл аралык мааниде. Калкы 200 миң (1977).

П-де өлкөнүн бардык банкы, соода ж-а о. ж. компаниялары жайгашкан. Кеме ж-а автомобиль өңдөө, автомобиль жыйноо, тамак-аш (күрүч тазалоо, пальма майы ж. б.), жыгач иштетүү, самын, тамеки, текстиль ишканалары иштейт. Ун-т, ин-т, жог. тех. ин-т (СССР Кампучия элине белек катары курган), а. ч. ун-ти, Улуттук китепкана, бир нече музей, мамл. драма, балет театрлары бар. Шаар 1371-ж. негизделген.

ПО — Италиядагы ири дарыя. Уз. 652 *км,* алабынын аянты 75 миң *км*². Алын тоолорунан башталат. Көчүлүк болүгү Падан түздүгү аркылуу батыштан чыгышка агып, чатында аянты 1500 *км*²дей саздак дельтаны пайда кылып, Адрия деңизине куят. Ири куймалары: Дора-Рипария, Дора-Бальтеа, Тичино, Адда, Ольо (сол), Танаро, Маира, Таро (оң). Суунун орт. чыгымы чатында 1460 *м³/сек.* Пьяченца ш-на чейин кеме жүрөт. Сугатка пайдаланылат. Айрым жеринде ГЭСтер курулган. Кеме жүрүүчү куймалары (Адда, Тичино ж. б.) ж-а каналдар аркылуу ири көлдөр (Комо, Лаго-Мажоре, Гарда) м-н туташат. Жээгинде Турин, Пьяченца, Кремона ш-лары жайгашкан.

ПОБЕДА — сулу сорту, Швецияда чыгарылган. Кырг-нда 1938-жылдан эгилет. Баалуу сорттордон. Гектарынан орт. 20, кээде 30 *ц*-ге чейин түшүм алынат. Кара көсөө, дат илдеттерине туруктуу. Бышканда көбүрөөк күбүлөт, кара сулу м-н чаңдашпыс мүмкүн, элита үрөн алуу кыйын.

«ПОБЕДА» КОЛХОЗУ — Ленинполь р-ндагы ири чарба. 1930-ж. уюшулган. Колхоздо а. ч-га жарактуу 42 миң *га* жери бар. Анын 5 миңи айдоо. Чарбанын дыйканчылыгы өсүп, дан эгиндеринин гектарынан орт. 40,3 *ц* түшүм алынган. Мал чарбасы өнүгүп, малдын купардуулугу жогорулоодо. Чарбада 30 миңден ашык кой, 4400 уй, 800дой жылкы (1977) болгон. Колхоздун дыйканчылыгы ж-а мал чарбасы комплекстүү механикалаштырылган. Мында түрдүү маркадагы 86 трактор, 88 автомашина, 32 комбайн ж. б. машина иштеген. Чарбанын жылдык орт. киреше-си 5 млн сом (1977). 1970-ж. Кырг-н КП БКнын, Кыргыз ССР Жог. Советинин Президиумунун, Кыргыз ССР Мин. Советинин ж-а Кыргыз Совпрофтун Лениндик юбилейлик Ардак грамотасы тапшырылган. 1971-ж. сегизинчи беш жылдыктагы мыкты ийгиликтери үчүн Ленин ордени м-н сыйланган.

ПОВЕЛЛИТ (амер. геолог Ж. Поуэллдин ысмынан) — минерал; хим. формуласы $Ca[MoO_4]$. *Тетрагон системасында* кристаллданат. Өңү агыш, сарғыч, кочкул сары, сарғыч жашыл; алмаз сымал жылтырайт. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 3,5. Салыштык салм. 4,25—4,52. Молибден кенинин кычкылдануу зонасында пайда болот. Молибден алынат.

ПОВЕСТЬ — көркөм ад-ттагы эпикалык түрдүн бир жанры; көлөмү, турмушту сүрөттөө жагынан роман м-н ацгеменин аралыгында турат. Сюжеттик борборун баш каармандын тагдыры эзелеп, чыгармадагы негизги маселе өтөл каармандын өмүр тагдыры аркылуу чечилет. П-те доордун татаал карама-каршылыктары романдагыдай кецири планда камтылбайт, негизинен анын уруттуу учуру гана корсотулот. Маселен, К. Баялинов «Ажар» повестинде Ажардын оор тагдырын көрсөтүү м-н рев-янын алдындагы кыргыз аялдарынын теңсиз турмушун, социалдык күрөштү ачып көрсөткөн. Ад-тта ички структурасы, камтыган мазмуну б-ча ацгеме (Н. Гоголдун «Шинель») ж-а роман (Ч. Айтматовдун «Гүлсарат») жанрына жакын П-тер бар. О. эле анын ыр түрүндөгү (Б. Сарногоевдин «Баяс», М. Сейталиевдин «Медина» ж. б.) үлгүлөрү да кездешет.

Ад.: Белинский В. Г., О русской повести и повестях г. Гоголя, Полн. собр. соч., т. 1, М., 1953; его же, Разделение поэзии на роды и виды, там же, т. 5, М., 1954; Поспелов Г. Н., Проблемы исторического развития литературы, М., 1972, с. 152—89; Асаналиев К., Кыргыз совет прозасынын очерки, 1—2-б., Фр., 1957, 1960.

ПОГОДИН (чын фамилиясы Стукалов) Николай Фёдорович [3(16). 11. 1900, Гундоровский станицасы, азыркы Донецк обл.—19. 9. 1962, Москва]— орус совет драматургу. РСФСР искусство эмг. сиң. шимери (1949). Чыгылары 1920-жылдан чыга баштаган. Адегенде «Кызгылтым таң», «Кызыл бүчүр» деген очерк жыйнактары чыккан (1926). Курулушта убактылуу иштеген жумушчулар массасынын коллективдүү образын көрсөткөн «Темп» (1929) пьесасынан кийинки «Балта жонүндө поэма» (1930—31), «Менин досум» (1932) ж. б. чыгарынча типтүү мүнөздөрдү жаратууга жетишкен.

Совет мамлекетинин түзүлүшү ж-а анын алгачкы кадамдары «Мылтыкчан киши» (1937, СССР мамл. сыйл., 1941; аты уйкаш фильм — 1938), «Кремль куранттары» (1940), «Үчүнчү патетикалык» (1958—59) аттуу үчилтигинде айкын баяндалып, каармандар тагдыры аркылуу рев-янын кыймылдаткыч күчү, Лениндин көп кырдуу иши көрсөтүлгөн. Үчилтик Лениндик сыйлыкка арызган (1959). Анын 1-болүгү («Мылтыкчан киши») кыргыз театр сахналарында коюлуп келе жатат. «Кубандык казактар» (1950; СССР мамл. сыйл., 1951). «Жаакташканда» (1953) комедиялары, «Жашыл рапсодия» (1961) ж. б. драмалары бар. Эки Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Собр. соч., т. 1—4, М., 1972—73; Искать, мыслить, открывать, М., 1966; Неизданное, т. 1—2, М., 1969.

Ад.: Холодов Е., Пьесы и годы. Драматургия Н. Погодина, М., 1967; Потапов Н., Живее всех живых. Образ В. И. Ленина в советской драматургии, М., 1969.

ПОГОНОФОРЛОР (Pogonophora; гр. pogon — сакал ж-а phorós — алып жүрүүчү) — омурткасыз деңиз жаныбарлар тиби. Эки учу ачык, узун хитин түтүнүн ичинде жашайт. Жип сымал П-дун денеси (уз. бир нече следен 1 *мге* чейин) 4 бөлүктөн турат. П. суунда эриген орг. заттарды денеси, көбүнчө тинтүүрү аркылуу сиңирип азыктанат. Анын дене көңдөйү—экинчилик *(целом),* бөлүп чыгаруу мүчөсү денесинин 1-бөлүгүндө жайгашкан. Кан айлануу ж-а перв системасы бар. Айрым жыныстуу. Тукум куурт болгон П. төменкү палеозой чөкмөлөрүнөн табылган. Бардык деңиздерде (терең. 20 *мге* чейин) кездешет. Алардын 7 тукумду түзүүчү жүздөн ашуун түрү белгилүү.



Н. Ф. Погодин.

ПОГРАНИЧНИК, Кызыл-Жылдыз — Нарын обл-ның Ат-Башы р-ндагы Кара-Коюн айыл советине караштуу кыштак. «Пограничник» к-зунун аймагында. Райондун борбору Ат-Башыдан 39 *км* батыш тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 259 *км.* Калкы 2223 (1976). Орто мектеп, клуб, китепкана, участкалык ооруканасы бар.

ПОДАГРА (гр. podágra — бут капканы) — организмдин пурин алмашуусу бузулгандагы дарт. Ткандарга сийдик туздары чогулганда муун ж-а бойрок бузулат. П. зат алмашуунун тубаса бузулушунан, тамактануу факторлорунун таасиринен (алгачкы) ж-а коргошун м-н уулануууда, о. эле кээ бир кан ооруларында (экинчи) пайда болот. Ал катуу кармама, кайталанма оору ж-а өпөкөт түрүндө өтөт. Оорунун капысынан башталышын *травма,* алкоголь ж-а тамакта *пурин негиздеринин* көп болушу күчөтөт. Тез арада буттун бармагынын мууну сезгенип, шишип ооруйт, териси кызарат. Анын капысынан башталган оорусу бир нече сааттан бир нече күнгө созулуп, көп учурда өпөкөт түрүнө айланат. Дарылоо: катуу кармаганда — төшөккө жатуу, ооруну басандатуучу ж-а сезгенүүгө каршы каражаттар; өпөкөт түрүндө суюктукту көп ичүү, сийдик к-тасынын пайда болушун токтотуучу же аны организмден чыгышын күчөтүүчү (бенемид, аллопуринал ж. б.) дарылары колдонуу, *диета* ж. б.

Ад.: Астапенко М. Г., Пихлак Э. Г., Болезни суставов, М., 1966; Пихлак Э. Г., Подагра, М., 1970; Тельтаева Г. К., Болезни суставов и их лечение на курортах Киргизии, Фр., 1977.

ПОДВОЙСКИЙ Николай Ильич [4(16). 2. 1880, Кушановка кыш., азыркы Чернигов обл., Нежа р-ну — 28. 7. 1948, Москва] — советтик парт. ж-а аскер ишмери. 1901-жылдан Ком-

партия мүчөсү. Мугалимдин үй-бүлөсүнөн. 1898-жылдан рев-ячыл кыймылга катышкан. Украинада, Иваново-Вознесенск, Петербург ж. б. ш-ларда рев-ялык иш жүргүзгөн, бир нече жолу камалган. 1912—14-ж. «Звезда» ж-а «Правда» газеталарын уюштурууга катышкан. 1917-ж. РСДРП(б) Петроград комитетинин ж-а Петроград жумушчу ж-а солдат депутаттар советинин мүчөсү, партиянын Петербург комитетине каратуу аскер уюмунун жетекчиси, Кызыл Гвардияны түзүүчүлөрдүн бири. Партиянын 6-съездинин (1917) делегаты. Петроград аскер-ревя-чыл комитетинин пред-ли, Кышкы сарайды алууга жетекчилик кылгандардын бири. 1917—18-ж. РСФСР аскер эл комиссары. 1918-жылдан Кызыл Армияны түзүү б-ча Бүткүл россиялык коллегиянын пред-ли, 1919—23-ж. Украинанын аскер-деңиз иштери б-ча эл комиссары. 1924-жылдан парт. ж-а сов. иштеген. 13—15-съезддерде ВКП(б) БКнын Борб. контроль комиссиясынын мүчөлүгүнө шайланган. 1935-жылдан персоналдык пенсияда. Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

Ад.: Лейберов И., Пламенный солдат революции, М., 1962; Тарасов Е. П., Н. И. Подвойский, М., 1964.

ПОДГОРНЫЙ — Кемин р-пундагы Орловка поссоветине караштуу кыштак. «Заветы Ильича» к-зунун аймагында. Райондун борбору ж-а т. ж. станциясы Быстровкадан 16 *км* батыш тарапта. Калкы 1020 (1976). Орловка кийим тигүү ф-касы, сегиз жылдык мектеп, клуб, медпункт бар.

ПОДГОРНЫЙ Николай Викторович [5(18). 2. 1903-ж. т., Карловка ш., азыркы Полтава обл.] — советтик мамл. ж-а парт. ишмер, эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1963, 1973). 1930-жылдан КПСС мүчөсү. Жумушчу үй-бүлөсүнөн. 1917-жылдан слесарь, 1921—23-ж. комсомолдун Карловка райкомунун секретары. Киев тамак-аш ө. ж. технол. ин-тун бүткөндөн (1931) кант ө. ж. ишканаларында иштеген. 1939—40 ж-а 1944—46-ж. УССР, 1940—42-ж. СССР тамак-аш ө. ж. эл комиссарынын орун басары, 1942—44-ж. Москва тамак-аш ө. ж. технол. ин-тунун директору. 1946—50-ж. СССР өкмөтүндө УССР Мин. Советинин туруктуу өкүлү. 1950—53-ж. Украина КП Харьков обкомунун биринчи секретары, 1953-жылдан Украина КП БКнын экинчи, 1957—63-ж. биринчи секретары. 1963—65-ж. КПСС БКнын секретары. 1965—77-ж. СССР Жог. Советинин Президиумунун Пред-ли. 1952—56-ж. КПССтин Борб. текшерүү комиссиясынын мүчөсү, 1956-жылдан КПСС БКнын мүчөсү, 1958-жылдан БКнын Президиумунун мүчөлүгүнө кандидат, 1960—77-ж. КПСС БКнын Президиумунун (Саясий бюросунун) мүчөсү. СССР Жог. Советинин (4—9-шайл.) депутаты. 1977-жылдан пенсияда. Беш Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ПОДДУБНЫЙ Иван Максимович [26. 9(8. 10). 1871, Богодухово кыш., азыркы Черкасс обл., Золотоноша р-ну— 8. 8. 1949, Ейск ш.] — орус профессионал балбаны, атлет. РСФСР эмг. сиң. арт. (1939), спорттун эмг. сиң. мастери (1945). 1897-ж. цирк аренасында гир көтөргүч атлет ж-а орус күрөшүнүн балбаны катары, 1903-жылдан классикалык, француз күрөшүнүн балбаны катары чыккан. 1905—08-ж. (Парижде) классикалык күрөш б-ча профессионал балбандардын дүйн. чемпионатында зор жеңишке ээ болгон; 40 жыл бою ар кыл мелдеште бир жолу да морой алдырган эмес. «Чемпиондун чемпиону», «орус балбаны» делип, бүт дүйнө таанылган. Аның боюнун уз. 184 *см*, салмагы 118 *кг*, көкүрөгүнүн курчамы 134 *см* болгон. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.


«ПОД ЗНАМЕНЕМ МАРКСИЗМА» — филос. ж-а коомдук-экон. журнал. 1922-ж. январдан 1947-ж. июңга чейин Москвада ай сайын (1933—35-ж. эки айда бир) чыгып турган. Ал кийин *«Вопросы философии»* журналына айланган.

ПОДОЛ ДӨҢСӨӨСУ, Подол платосу УССРдин түш.-батышында, Днестр д-нын сол жээгинде. Дөңсөө аки таш, мергель, кумдук, сланец, гранит ж-а гнейс тоо тектеринен түзүлгөн. Рельефине дарыя аралык түзөң ж-а каньон түспөл ороондор мүнөздүү. Бийикт. 471 *м*ге чейин (Камула чокусу). Түндүгү дөңсөөлүү, Днестр жак болгуу тектирчелүү. Көпчүлүк болгуу айдалат. Эмен токою (граб, липа аралаш) ж-а шалбаалуу талаа, түн. болгуңдо бук токою, түштүгүндө түрдүү чөптүү, бетегелүү-талаалуу талаа өсүмдүктөрү осот.

ПОДОЛЬСК — РСФСРдин Москва обл-ндагы шаар. Пахра суусунун жээгинде. Т. ж. станциясы. Москва ш-нан 43 *км* түш. тарапта. Калкы 202 миң (1979). Москва обл-нын ири ө. ж. борбору. Тигүү машинасын, буу казанын, нефть ажыратуу ишканаларына жабдуу, кабель, цемент ж. б. курулуш материалдарын чыгарат. Бүткүл союздук политех. ин-ттун сыртан окуу болүмү, индустр. ж-а курулуш техникумдары, мед. окуу жайы, В. И. Лениндин музей үйү бар. П. 18-к-да негизделген. Шаарда Ульяновдордун үй-бүлөсү жашаган. В. И. Ленин бир нече жолу болуп, 1900-ж. Москва социал-демократтарынын кеңешмесин өткөзгөн. Шаар Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган (1971).

ПОДПОЛКОВНИК — СССРдин ж-а кээ бир башка мамлекеттердин куралдуу күчтөрүндөгү офицердик наам. СССРде 1939-ж. 1-сентябрда (Россияда 17-к-да) кийирилген. АДФте П.— экинчи рангадагы капитан, ГФР м-н ГДРде П. Oberstleutnant, Францияда, Улуу Британияда ж-а АКШда lieutenant colonel деп аталат, к. *Аскердик наамдар.*

ПОДШИПНИК — валдын же октун таянып болгуу. Ал валдан (октон) радиалдык, октук ж-а радиал-октук күчтөрдү кабыл алып, валдын (октун) П-те айлануусуна мүмкүндүк берет. П.— машина, механизм, прибор ж. б. түзүлүштөрдө кеңири колдонулуучу тетик. П. иштөө принциби б-ча жылмышын сүрүлмө ж-а томолонуп сүрүлмө болуп аймалаанат. Жылмышын сүрүлмөдө вал П-тин таянып болгуңдө айланат. Таянып болгуу цилиндр, конус, шар формасында болот да кургак (майлоосуз), чала майланып же толук майланып сүрүлүү шартында иштейт. Жылмышын сүрүлмө П-тин оң жонокойу — машинанын корпусунда жасалган көзөнөк. Ал көзөнөккө көбүнчө антифрикциондук материалдардан жасалган алкактар кийгизилет. Томолонуп сүрүлмө П. ички, сырткы алкактардан, томолонуп айлануучу перселерден (шарик же ролик), сепаратордон (томолонуучу перселерди бир биринен белгилүү аралыкта кармап туруучу тетик) турат. Томолонуп сүрүлмө П. кабыл алган күчтөрдүн багытына жараша радиалдык, радиал-таянычтуу ж-а таянычтуу болуп аймалаанат. Томолонуучу перселердин ж-а алкактардын жумушчу беттеринин формасына жараша (к. сүрөт) ша-



Томолонуп сүрүлмө подшипник: *а* — шариктүү подшипник; *б* — роликтүү подшипник; *1* — сырткы шакекче; *2* — ички шакекче; *3* — сепаратор; *4* — шариктер (*а* — сүрөттө), роликтер (*б* — сүрөттө).

риктүү, шарик-сфералуу, цилиндрлүү ролик (роликтүү ж-а бураган роликтүү, конус формасындагы роликтүү, ролик-сфералуу ж. б.) формада болот. Томолонуучу перселердин канча катар жайгашуусуна карата бир, эки, көп катарлуу; тактык даражасы б-ча жөнөкөйлөтүлгөн, нормалдуу, жог., өтө жог. тактыктагы (прецизиялуу) ж. б. П. болуп айырмаланат. П-тин валга сүрүлүүнү азайтуу үчүн алардын ортосу май м-н майланат.

Ад.: Спришевский А. И., Подшипники качания, М., 1969; Чернавский С. А., Подшипники скольжения, М., 1963.

ПОДШИПНИК МАТЕРИАЛДАРЫ — жылмышын сүрүлмө подшипниктерди жасоодо колдонулуучу материалдар (к. *Антифрикциондук материалдар).*

ПОДШИПНИК ӨНӨР ЖАЙЫ — адистештирилген машина куруу тармагы.

Мында түрдүү подшипник ж-а аның тетиктери чыгарылат. Подшипник жасоо алгач 1883-ж. Германияда уюшулган. Ошол эле мезгилде АКШда подшипник э-ддору ишке киргизилген. Россияда туңгуч подшипник ишканасы 1918-ж. Москвада ачылып, негизинен шариктүү подшипниктерди курашткрган. Улуу Окт. рев-ясынан кийин бул тармак кыйла өнүгүп, 1924-ж. 8,3 миң подшипник белгиленген. 1929-ж. мамл. биринчи подшипник э-ду (ГПЗ-1) курула баштаган. Өлкөдө 1932-ж. 2 млн, 1940-ж. 33,8 млн-дон ашуун подшипник чыгарылган. 1974-ж. 19 подшипник ишканасы иштеген. Подшипник 40тан ашык өлкөгө экспорттолот.

П. о. ж. башка соц. өлкөлөрдө да ийгиликтүү өнүгүүдө. Ал капит. мамлекеттерден Швеция, АКШ, Улуу Британия, Италияда жакшы жолго коюлган.

ПОЖАРСКИЙ Дмитрий Михайлович [1. 11. 1578—20(30). 4. 1642, Москва, соогу Суздалга коюлган] — князь, Россиянын мамл. ж-а аскер ишмери. *Иван Болотников башында турган дыйкандар согушун (1606—07)* басууга ж-а 1608—10-ж. В. И. Шуйскийдин *Жалган Дмитрий I*нин отряды м-н болгон согушуна катышкан. 1610-жылдан Зарайскиде аскер башчы. 1-элдик кошуунга ж-а поляк-литва интервенттерине каршы Москвадагы көтөрүлүшкө катышып, 1611-жылдын аягында Кузьма *Минин* м-н бирге 2-элдик кошуунду жетектеген. 1612-жылдын аягынан 1613-жылдын башына чейин убактылуу өкмөттү башкарган. 1615—16-ж. интервенттердин чабуулуна каршы согушка катышкан. 1628—30-ж. Новгороддо аскер башчы. 1804—18-ж. Москвадагы Кызыл аянтта П. м-н Кузьма Мининге эстелик тургузулган.

Ад.: Савелов Л. М., Князья Пожарские, т. 1, М., 1906; Любомиров П. Г., Очерк истории Нижегородского ополчения 1611—1613 гг., М., 1939.

ПОЗИТИВ (лат. positivus — оң) — *плёнкага* тартылган объектинин ак-кара (ак-кара сүрөттө) ж-а түстүү жерлери (түстүү сүрөттө) дал өзүндөй болгон фотография сүрөтү. П. негативден атайын плёнкага басылып алынат да, хим. эритмелер аркылуу оңүнө чыгарылат. Кинофильмде жумушчу, камсыздалуучу, текшерилүүчү ж-а фильм П-дери болуп болүнөт. Жумушчу П. тартылган негативден басылып, режиссёр колдончу кара материал алынат. Камсыздалуучу П-ден же лаванда деп аталган П. көчүрмосүнөн дубль негатив басып алынат. Текшерилүүчү П. фильмдин тех. ж-а сүрөттүк сапаттарын аныктоо үчүн көчүрмө аркылуу басылат.

Ад.: Блюмберг И. Б., Технология обработки фотокиноматериалов, М., 1967.

ПОЗИТИВИЗМ (лат. positivus — оң) — бурж. философиядагы ж-а социологиядагы перселердин маңызын аңдап билүү мүмкүнчүлүгүн танып, изилдоонун жыйынтыктарын сыпаттап жазуу м-н гана чектелген багыт. П. агностицизмге ж-а идеализмге алып барат, объективдүү дүйнөнү кайра куруу ж-а таануудагы философиянын маанисин танат. Бул багыт 19-к-дын 30-жылдарында пайда болгон, аның негиздөөчүсү — О. Конт. П-дин жактоочулары Ж. С. Милль, Г. Спенсер, Э. Мах, Р. Авенариус ж. б. болгон. В. И. Ленин П-дин махизм ж-а ага жакын түрлөрүн (к. *Материализм жана эмпириокритицизм)* катуу сынга алган. Кийинчерээк П-ден неопозитивизм өсүп чыккан.

Ад.: Нарский И. С., Очерки по истории позитивизма, М., 1960; Кон И. С., Позитивизм в социологии, Л., 1964.

ПОЗИТРОН [лат. posi (tivus) — оң ж-а *элек(трон)*] — оң электр заряддуу элементардык бөлүкчө; электрондун карата *антибөлүкчө.* Символу e^+. П. м-н электрондун массасы (m_e), (J) барабар, ал эми алардын электр заряды (e) м-н магнит моменти (μ_e) абс. чоңдуктары б-ча бирдей, бирок белгилери карама-каршы. Электрондун оң зарядduу «түгөйү» бар экенин теория жүзүндө 1931-ж. П. Дирак аныктаган, 1932-ж. амер. илимпоз К. Д. Андерсон экспериментте байкап, аны «П.» деп атаган. П. электромагниттик, гравитациялык ж-а начар аракеттенүүлөрго катышат ж-а *лептондор* классына кирет. Статистикалык касиети б-ча фермиондорго кошулат. П. туруктуу, бирок электрондор м-н аннигиляцияланышынын натыйжасында затта аз убакыт гана жашайт. Ал эркин элементардык бөлүкчөлөрдүн өз ара айлануларында ж-а кээ бир радиоактивдүү изотоптордун бета-ажыроосунда пайда болот.

ПОЗИЦИЯЛЫК СИСТЕМА, к. *Эсептөөнүн позициялык системасы.*

ПОЗНАНЬ — Польшадагы шаар. Варта д-нын боюнда. Познань воеводдугунун админ. борбору. Калкы 516 миң (1976). Өлкөнүн экон. ж-а маданий борборлорунун бири. Автомобиль ж-а т. ж. тоому, ири дарыя порту. Ө. ж-нын башкы тармагы — машина куруу (кеме дизели, тепловоз, а. ч. машина ж. б.). Тамак-аш, кийим тигүү, резина, парфюмерия, полиграфия ө. ж. өнүккөн. 8 жог. окуу жайы, А. Мицкевич атн. ун-т, филармония, опера ж-а драма театры, түрдүү музейлер ж. б. бар. Жыл сайын П-да эл аралык ж-а улуттук ярмарка откорулот. 9-к-дын башында негизделген.

ПОКРОВКА — Киров р-нундагы Покровка айыл советине караштуу кыштак. «Талас» к-зунун аймагында. Райондун борбору Кировдон 22 *км* түн.-чыгыш тарапта, Жамбыл т. ж. (Казак ССРи) станциясынан 26 *км*. Калкы 5422 (1976). Орто ж-а сегиз жылдык мектеп, клуб, китепкана, участкалык оорукана бар.

ПОКРОВКА, Кызыл-Суу — Ысык-Көл обл-ндагы Жети-Өгүз р-нунун борбору, кыштак. Пржевальск ш-нан 39 *км* түш.-батыш тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 180 *км*. Тескей Ала-Тоонун түн. этегинде, Ысык-Көлдөн 7 *км* аралыкта, Рыбачье — Пржевальск автомобиль жолунун боюнда. Чоң-Кызыл-Суунун жээгинде. Калкы 11433 (1976). Шаран, нан, сыр ж-ддору, үй тиричилик комбинаты, кесипчилик окуу жайы, 2 орто, 1 сегиз жылдык мектеп, 2 мад-т үйү, поликлиника, оорукана, төрөт үйү бар. П-да Кыргыз ССР ИАнын *Тянь-Шань физикалык география станциясы* жайгашкан.

ПОКРОВКА ДАРЫ БАТКАК КЕНИ— Ысык-Көл обл-нын Жети-Өгүз р-нундагы дарылык касиети бар баткак жаткан жер. Покровка кыш-нын түн. тарабында, Ысык-Көлдүн булуңунда. 1963-ж. Э. П. Просецкий таап, изилдеген. Дары баткак кени бири биринен анчалык алыс эмес 4 аймакта, көл түбүндө 0,5—10 *м* тереңде жайгашкан. Кендин 1- ж-а 2-участкалары үстү күкүрттүү суутек жыттанган кара ж-а каражгын боз түстогу илээшкек ылайдан (пл) турат: калың. 0,5—1,0 *м*. Аның астында ныкталган бозомтук ылай жатып, тереңдеген сайын чопого өтөт. Кендин 3-ж-а 4-участкаларынын үстү бозомтук илээшкек ылайдан турат: калың. 0,8 *м*. Андан төмөн каражгын илээшкек ылай жайгашкан; орт. калың. 0,5 *м*ге чейин. Баткак аз минералдашкан. Аның астында бозомтук ныкталган ылай тереңдеген сайын чопо катмарына өтөт. Салыштырма салм. 1,4, нымд. 53—54%, Рн 7,4—7,9, орг. заттар 0,59—0,70%ке чейин, 100 *г* баткакта күкүрттүү темир 190—250 *мг*, H_2S 50—140 *мг*. Кендеги баткактын эсептелген запасы 60 миң *т* (1966), бирок кендин түн.-батышындагы аянттын эсебинен аны дагы көбөйтүү мүмкүндүгү бар. Кен Ысык-Көл курорт зонасында дарылануу үчүн пайдаланылат.

Ад.: Мельникова З. И. [и др.], Лечебные грязи Киргизской ССР, Тр. Киргизского научно-исследовательского ин-та курортологии и физиотерапии, Фр., 1973.

ПОКРОВКА КЕНИ—Ысык-Көл обл-ндагы карапалык чопо чыгуучу жер. Жети-Өгүз р-нундагы Покровка кыш-нан 15 *км* түн.-батыш тарапта, Ысык-Көлдүн Кара-Булуңунда. Кенде 1956-ж. «Средазгеолнеруд» трести, 1958-ж. Кыргыз ССР геол. башкармасы геол. чалгындоону жүргүзгөн.

Кен аймагында антропоген мезгилинде пайда болгон чокмө тоо тек катмарлары жатат. Катмарлардын түзүлүшүнө томонку тоо тектер катышат (үстүнөн астын карай): 1) күрөң түстүү ныкталган кум-топурак, калың. 1,2—4,0 *м;* 2) кургак, абдан ныкталган, агыш боз чопо, калың. 1,0—4,0 *м;* 3) күрөң кызыл, көгүш боз ж. б. чополордун катталышы. Алардын арасында кумдун жука линзалары кезигет. Кендеги боз чопо пайдалуу катмар. Чопо ийилчээктиги б-ча



А. И. Покрышкин.

2-класска кирип, «150» маркасындагы курулуш кирпичин ж-а черепица даярдоого жарамдуу. Кирпич 1050°Сден жог. теми-рада гана бышырылууга тийиш. Чопонун баланстык запасы 6209,2 миң м³ (1958). Кендин базасында жерг. маанидеги кирпич з-ду иштейт.

Ад.: Справочник по месторождениям строительных материалов Киргизской ССР, М., 1967.

ПОКРОВСКАЯ Татьяна Ивановна (22. 12. 1923, Забайкал темир жолунун Тайшет станциясы) — педиатр, мед. илимд. доктору (1967), проф. (1968). Кыргыз ССРинин эмгек сиң. врачы (1973), 1952-жылдан КПСС мүчөсү. КММИни бүткондон (1946) кийин ошол эле ин-тта адегенде клиникалык ординатор, ассистент (1950), доцент (1962), 1965-жылдан дарылоо ф-тетинин педиатрия кафедрасынын башчысы; 1971-жылдан педиатрия ф-тетине каратуу пропедевтика ж-а факультеттик педиатрия кафедрасын башкарат. П.— 86 ил. эмгектин автору. Анын негизги ил. эмгектери балдардын туберкулёз менингитине арналган. Акыркы жылдарда балдардын дем алуу орган дарттарын изилдөөдө. «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Эм г.: Туберкулёзный менингит у детей, Фр., 1959; Лечение туберкулёзного менингита, Фр., 1962.

ПОКРОВСКИЙ Михаил Николаевич [17(29). 8. 1868, Москва — 10. 4. 1932, ошол эле жер] — сов. тарыхчы, парт. ж-а мамл. ишмер, СССР ИАнын акад. (1929). 1905-жылдан Компартия мүчөсү. Москва ун-тинин тарых-филос. ф-тетин бүткон (1891). Орто окуу жайларында мугалим болуп иштеген. 1905—07-жылдагы рев-яга активдүү катышкан. 1908—17-ж. эмиграцияда. Февр. рев-ясынан кийин Россияга келип, Улуу Окт. соц. рев-ясына катышкан, жумушчу ж-а солдат депутаттарынын Москва советинин предли болгон. 1918-жылдын майынан өмүрүнүн аягына чейин РСФСРдин агартуу эл комиссарынын орун басары, Коммунисттик академиянын ж-а анын Тарых ин-тунун, Тарыхчы-марксист коомунун ж-а Борб. архивдин жетекчиси, БСЭнин Башкы редакциясынын мүчөсү, тарыхый журналдардын («Красный архив», «Историк-марксист», «Борьба классов») редактору болгон. П-дин ил. эмгектери СССР тарыхына, бөтөнчө анын тышкы саясатына, историографиясына ж-а 19—20-к-дагы рев-ячыл ыймылдын тарыхына арналган. Анын жетекчилиги м-н Россиядагы рев-ячыл ыймылдын тарыхы б-ча бир топ архив документтери жарыяланган. ВКП(б)нин 16-съездинин делегаты, Ленин ордени м-н сыйланган. Соогу Кызыл аянтка коюлган.

Ч ы г.: Избр. произв., т. 1—4, М., 1965—67; Библиографию произведений П. см. «Историк-марксист», 1932, № 1—2.

Ад.: Памяти М. Н. Покровского (1868—1932), М., 1932; Историография истории СССР с древнейших времен до Великой Октябрьской социалистической революции, 2 изд., М., 1971.

ПОКРЫШЕВ Пётр Афанасьевич [11 (24). 8. 1914, Херсон обл., Голая Пристань ш.— 23. 8. 1967, Ленинград] — эки жолу Сов. Союз. Баатыры (10. 2. 1943; 24. 8. 1943), авиациянын генерал-майору (1955), 1941-жылдан КПСС мүчөсү. 1934-жылдан Сов. Армияда. Учкучтардын Одессадагы аскер мектебин (1935) ж-а Генштаб Аскер академиясын (1954) бүткон. Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) Ленинград фронтунда 154-истребителдик авиаполктун эскадрильясынын, 1943-жылдан 159-истребителдик полктун командири. 300дөй согуштук учуш жасап, душмандын 22 самолётун озу жалгыз, жетөөнү — башка учкучтар м-н биргелешип атып түшүргөн. Согуштан кийин аскердик жооптуу кызматтарда иштеген. 1961-жылдан отставкада. СССР Жог. Советинин (3-шайл.) депутаты. Ленин ордени, 3 Кызыл Туу, башка 4 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

ПОКРЫШКИН Александр Иванович [21. 2(6. 3). 1913-ж. т., Новосибирск] — сов. аскер начальниги, авиация маршалы (1972), үч жолу Сов. Союз. Баатыры (24. 5. 1943; 28. 8. 1943; 19. 8. 1944). 1942-жылдан КПСС мүчөсү. 1932-жылдан Сов. Армияда. Авиатехниктердин авиац. мектебин (1933), учкучтардын Кача авиац. мектебин (1939), М. В. Фрунзе атн. Аскер академиясын (1948) ж-а Генштаб Аскер академиясын бүткон (1957). Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) Түш., Түн. Кавказ, 1—2-, 4-Украин фронтторунда салгылашып, эскадрильянын командирinин орун басарынан истребителдик авиац. дивизиясынын командирлигине чейин жеткен. 600дон ашык согуштук учуш жасаган. 156 жолу аба салгылашына катышып, душмандын 59 самолётун жок кылган. Согуштан кийин Аба чабуулунан коргонуу аскерлеринде жооптуу кызматтарда иштеп, 1968—72-ж. опто аскерлердин башкы командачысына орун басар. 1972-ж. январдан СССР ДОСААФ БКнын пред-ли. СССР Жог. Советине (2—10-шайл.) депутат. Торт Ленин ордени, Октябрь Революциясы, 4 Кызыл Туу, 2-дараж. эки Суворов, 2 Кызыл Жылдыз орденди, медалдар, о. эле чет элдик 4 орден м-н сыйланган. «Истребитель канаты» (1944), «Согуш асманы» (1966) деген китептердин автору.

ПОЛ, үйдүн таманы — имараттын адамдар, эмерек ж. б-ны которүп турган ички конструкциялык тошогосу. Кеп кабат имараттарда П. бир нече катмар (негизги, каптамасы) болот. Ал бекем, бышык, катуу, жылмакай ж-а үн, суу, жылуулук өткөрбөгөндөй болушу керек. Жабуунун түрүнө жараша монолиттүү жо туташ (цемент-бетондуу, асфальт-бетондуу, мастикалуу ж. б.), такта ж-а түрмөк материалдуу (линолеум, синтетикалык түктүү жабуулар, плиталар ж. б.), даналай материалдан жасалган (паркет, устуи, карана плиталары, кирпич ж. б.) болуп айырмаланат. Жылуулук үн өткөрбөс материалдардын үстүнө полимер (линолеум, релин ж. б.) кантап, П. салуу улам кенири таралууда.

ПОЛАТ ХАН, Болот кан [оз атыжону — Молдо Искак Молдо Хасан (Асан) уулу] 1844, азыркы Ош обл., Фрунзе р-ну, Охна кыш.— 1876, Маргалак ш.) — Кокон хандыгына каршы которулуштун жетекчиси. Улуту кыргыз. Атасы Маргаландагы Ак медиресенин мударриси (мугалим) болгон. Адегенде үйүндө, андан соң Кокондогу медиреседе окуган. 1867-ж. окуусун таштап, Сох тарантагы кочмон кыргыздар арасында 2 жыл жашаган. Андан соң оз кыштагында, кийин Анжиянда имамдык кылган, соодагерчиликке аралашкан. Ташкенде Абдулмомун аталык м-н таанышканча ушул жерде болгон. 1872-ж. Шер датка башчылык кылган бир катар кокондуктар Полат бекти (Алым хандын небереси) кан которуу ж-дө сүйлөшүп, оң жоопалышкан. Мындан соң кокондуктар Ташкенде Абдулмомундукуна келип, Искак молдону «Полат бектин» наамы м-н которулушко башчылык кылууга макулдашкан. Полат хан которулушу Наманган вилайетинин (областынын) түн.-чыгыш тарабындагы Папай ж-а Хасан кыш-ында башталып, андан соң коп аймакка тараган. Дыйкандар, кол оноручулор, майда соодагерлер анын негизги кыймылдаткыч күчү болгон. Тажрыйбасыз ж-а начар куралданган которулушчулор адегенде Кудаяр хандын аскерлеринен жеңилип, Чаткал тоолорuна чегинишкен. Кудаяр хандын иниси Султан Мурат бекти тактыга отургузууну коздогон Абдурахман Афтобачи, Иса Олуя (Авлиё) ж. б. 1875-ж. жолдо оз аскерлери м-н Полат ханга кошулган. Которулушчулор Ош, Наманган, Анжиян, Асаке ж. б. жерлерди ээлеген. Кудаяр хандын экинчи уулу Мухаммед Амин бек да оз аскерлери м-н которулушчулор тарабына өткөн. 1875-ж. 22-июнда Кудаяр хан Ташкенге качып, падыша бийлигинин окулдорuно барып баш калкалаган. Абдурахман Афтобачи ж-а анын тарапкерлери Насреддин бекти тактыга отургузушкан, Насреддин бек м-н Абдурахман Афтобачи 1875-ж. июлда падыша окмотуно оозлору вассал экенин, ал эми падыша окмоту болсо Насреддин бектин хан экенин таанышкан. Бул убакта которулушчулор Паркентти басып алышкан. 1875-ж. 7-августта аларга каршы падыша окмотунун жазалоо отряды жонотулгон. Андан соң которулушчулор Махрам чебине чегинген. 1875-ж. августта Анжиян аймагында которулуш кайра башталып, 1875-ж. 9-октябрда Кокон алынган. Насреддин бек Хожентке качкан. «Полат хан» тактыга отурган. Ал 1875-ж. декабрда 80 миң кол м-н Наманганга аттанып, 1876-жылдын башында падыша окмотунун аскерлерinен жеңилген да, 5 миң адам м-н Уч-Коргонго качкан. 1876-ж. февралда туткундалып, мартта дарга асылган.

Ад.: Жамгырчинов В., Присоединение Киргизии к России, М., 1969; Кыргыз ССР тарыхы, 1-т., Фр., 1973, 334—40-б.

ПОЛБИН Иван Семёнович [14(27). 1. 1905, Ульянов обл., Майна р-ну, Ртищево-Каменка кыш.—11. 2. 1945] — эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1942, 1945), авиациянын генерал-майору (1943). 1927-жылдан КПСС мүчөсү. 1927-жылдан Сов. Армияда. 1931-ж. учкучтардын Оренбург аскер мектебин бүткон. Халхин-Голдогу урушта бомбалоочу полктун командири. Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) ар кыл фронттордо бомбалоочу авиаполктун (1941—42), бомбалоочу авиадивизиянын (1942—43), 6-гвард. бомбалоочу авиакорпустун (1943—45) командири. 157 жолу согуштук учуш жасап, душмандын авиатулуу согуш объектилерин бомбалаган. Согуштук тапшырманы аткарууда курман болгон. Эки Ленин ордени, 2 Кызыл Туу, 2-дараж. Суворов, Богдан Хмельницкий, 1-дараж. Ата Мекендик Согуш орденлери ж-а медалдар м-н сыйланган.

ПОЛЕВОЙ (чын фамилиясы — Камнов) Борис Николаевич [4(17). 3. 1908-ж. т., Москва] — орус совет жазуучусу, коомдук ишмер, Соц. Эмг. Баатыры (1974). 1940-жылдан КПСС мүчөсү. 1926-ж. Твердеги о. ж. техникумун бүткон. Улуу Ата Мек. согушта «Правда» газетасына аскерий кабарчы болгон. Анын «Чыныгы адам жонүндө повесть» (1946; СССР мамл. сыйл., 1947; ат ы уйкаш фильм, 1948) деген чыгармасы биздин олкодо гана эмес, чет олколордо да белгилүү. Соц. курулуштагы совет элинин баатырдыгын «Биз — советтик адамдар» (1948; СССР мамл. сыйл., 1949) деген очерк ж-а акгеме жыйнагында, «Алтын» аттуу романында (1949, аты уйкаш фильм, 1970), «Терең тыл» (1958); «Жапайы жээкте...» (1962; аты уйкаш фильм, 1966); «Доктор Вера» (1966; аты уйкаш фильм, 1968) ж. б. чыг-ларында даңазаалаган. Чет элдер турмушун көркөтөкөн «Америка кундолуктору» (1956; Эл аралык тынчтык сыйл., 1959), «Жарык дүйно боюнча» (1958) ж. б. чыг-ларды жазган. П. Тынчтыктын бүткүл дүйн. советинин бюросуна ж-а Тынчтыкты коргоо советинин президиумуна мүчө, Европадагы мад-т коомунун вице-президенти (1952). Эки Ленин ордени, Октябрь Революциясы ордени, башка 6 орден ж-а медалдар м-н сыйланган. О. эле тынчтыктын алтын медалына (1968), чет олколук ордендер м-н медалдарга да татыктуу болгон. Чыг-ларын чет тилдерге которулган.

Ч ы г.: Избр. произв., т. 1—2, М., 1969; Человек—человеку. Повести, М., 1971; Ордин. Фр., 1959; Чыныгы адам жонүндө повесть, Фр., 1972.

Ад.: Галанов Б., Борис Полевой, М.—Л., 1957; Михайлова Л., Отражение истории в человеке, «Новый мир», 1974, № 5.

ПОЛЕНОВ Василий Дмитриевич [20. 5(1. 6). 1884, Петербург — 18. 7. 1927, Борок чарбагы, азыр Поленово, Тула обл.] — орус живописчиси, Петербург сүрөт академиясынын анык мүчөсү (1893), РСФСР эл сүрөтчүсү (1926). П. П. Чистяковдон таалим алып, Петербург сүрөт академиясынан (1863—71) окуган. 1870-жылдары П-дун чыгларында негизги орунду пейзаж ээлеген. А. К. *Саврасов* м-н Ф. А. Васильевдин лирикалуу пейзаж салтын улантып, П. орус жараттылышынын ыймерн. 1904-жылдан Компартия мүчөсү. Дыйкан үй-бүлөсүнөн. 1891-жылдан Петербургдагы Путилов з-дунда токарь. Рев-ялык ыймылга катышканы үчүн бир нече жолу камалып, сүргүнгө айдалган. 1898-ж. Германияда эмиграцияда болгон. 1901-ж. Украинада, 1904-ж. Петербургда иштеген. 1905—07-жылдагы рев-я тушунда Петербург советинин Аткаруу комитетинин мүчөсү. 1907—12-ж. Петербург губ-ным жумушчулар курилсынан 3-Мамл. думага депутат, с.-д. фракциянын большевикчил тарабын жетектеген. РСДРПнин 5-конф-ясынын (1908) делегаты, В. И. Ленин чет олкодо откоргон парт. чогулуштарга катышкан. «Правда», «Звезда» газеталарын (1910—12) чыгарышкан. Петербургдук большевиктер П. аркылуу В. И. Ленин м-н кат алышып турган. 1917-ж. Февр. рев-ясынан кийин «Правда» типографиясын жетектеген. 1918—21-ж. Москвада басма ж-а чарба иштеринде, 1921-жылдан Туапседе тышкы соода уюмдарында иштеген.

ПОЛЕТАЕВ Фёдор Андрианович (партизандык аты — Поэтан) [1(14). 5. 1909, азыркы Рязань обл., Скопинский р-ну, Катино кыш.— 2. 2. 1945, Италия, Канталупого жакын жерде] — Сов. Армиянын солдаты, 2-дүйн. согуш (1939—45) мезгилинде Италиядагы Каршылык көрсөтүү ыймылынын активдүү катышуучусу, Сов. Союз. Баатыры (өлгөндөн кийин, 26. 12. 1962). Улуу Ата Мек. согуш (1941—45) башталганда 28-гвард. артилл. полкто катардагы жоокер болгон. 1942-ж. жайында туткунга түшүп, Вязьма, кийин Польша, Югосл-я, Италияда фашист немецтердин концлагеринде болгон. 1944-ж. жайында итал. коммунисттердин жардамы м-н фаш. лагерден качып, «Пинан Чикеро» партизан дивизиясындагы «Орсете» бригадасынын «Нино-Франки» батальонуна кошулган. Валле-Скривия ороонунда фашист немецтер м-н болгон урушта курман болгон. П. Ита-



В. Н. Полевой.



В. Д. Поленов.

линиян жог. аскер сыйлыгы — Алтын медаль м-н (олгондон кийин) сыйланган. Италияда П. журнал болгон жерге эстелик тургузулган (1978).

«ПОЛЁТ» — космос техникасында маневр жасоочу биринчи сов. ЖКСтин аты. «П.» кыймылдаткыч установкалар системасы, учуудагы орбиталык тегиздеги м-н бийиктигинин озгорушун камсыз кылуучу аппаратура м-н жабдылган. ЖКСтин бортуна ил. аппаратура, телеметриялык система ж-а радио бергич тузулуштор орнотулган. 1963-ж. 1-ноябрда «П.-1», 1964-ж. 12-апрелде «П.-2» учурулган. Алар орбитада 25 жылча болот.


ПОЛЗУНОВ Иван Иванович [1728, Екатеринбург, азыркы Свердловск — 16(27). 5. 1766, Барнаул] — жылуулук техникасы б-ча орус адиси, жылуулук кыймылдаткычын ойлоп чыгаруучулардын бири, Россияда биринчи буу установкасын тузуучу. Аскер уйбулөсүнөн. 1742-ж. Екатеринбургдагы биринчи орус тоо-кен з-д мектебин бүткөн. 1748-жылдан Барнаулда эритилүүчү металлды каттоо б-ча техник, 1750-ж. унтер-шихтмейстер болуп иштеген. Барнаул з-дунун китепканасынан М. В. Ломоносовдун эмгектери м-н таанышып, буу насос установкасынын тузулушун оздоштургон. 1763-ж. 1,8 а. к-но (1,3 *квт*) барабар кубаттуулуктагы буу кыймылдаткычынын долбоорун иштеп чыккан. Ал — озунун тех. колдонулушу б-ча дуйнодогу биринчи универсалдуу кыймылдаткыч. П. эритүүчү мештин аба үйлоткучу үчүн жаңы установканы долбоорлогон. Установка кубаттуулугу б-ча (32 *а. к.*) өзүнөн кездеги рекордду ээлеген. П-дун ысмы Свердлов тоо-кен металлургиялык техникумуна, Ленинграддагы Казан-турбиналык борб. ил. из. ин-туна берилген.

Ад.: Конфедератов И. Я., Иван Иванович Ползунов, М.—Л., 1951.

ПОЛИ... (гр. polýs — көп, сандаган, тумондогон деген создон) — татаал создордун башкы белугу; бир персенин көп экенин, ар түрдүү составдан туруп, түрдүү касиетке ээ экенин туюнтат, мис., *поликлиника*.

ПОЛИАЗОБОЁКТОР — молекуласында бир нече азотоптору (—N=N—) бар *азобоёктор*. Азотоптордун саны өскөн сайын П-дун туруктуулугу артат. П. башка боёкторго караганда түсү начарыраак, бирок оңу көпкө очпойт. Ал кыйындык м-н синтезделет. П. пахтадан, целлюлозадан, жарымы жүндөн токулган кездемелерди ж-а терини боёодо колдонулат.

ПОЛИАКРИЛАТТАР — акрил же метакрил к-таларынын татаал эфирлеринин полимерлери. Жалпы формуласы



мында R′—H же CH_3, R—алифаттык, карбоциклдүү, гетероциклдүү же башка радикалдар. Составында метил (—CH_3), этил (—C_2H_5), *н*-бутил (—C_4H_9) ж-а циклогексил (—C_6H_{11}) радикалы болгон П-дын техникада мааниси ото чоң. Булар — тунук, жылуулукка ийкемдүү полимерлер, орг. эриткичтерде жакшы эрийт, май м-н бензинге туруксуз. П. акрил ж-а метакрил к-таларынын эфирлерин полимерлөө м-н алынат. Алар орг. айнектерди, плёнкаларды, лак, боёк материалдарын, желимдерди ж-а кагазга, терige, жыгачка, кездемелерге сиңирилүүчү заттарды алууда, о. эле медицинада (озгочө стоматологияда) колдонулат.

ПОЛИАКРИЛОНИТРИЛ — *акрилонитрилдин* туз полимери [—CH_2—$CH(CN)$—]$_n$. Ак түстөгү аморфтуу зат. П. кадимки эриткичтерде, майларда, күн жарыгында озгөрбөйт; диметилформамидде, диметилацетамидде, этиленкарбонатта, айрым туздардын, азот, күкүрт к-талардын концентрацияланган эритмелеринде эрийт. О. ж-да П. мономердин суу чойросүндө же туздардын суудагы эритмесинде полимерлөөдөн алынат. П. негизинен жог. сапаттагы полиакрилонитрил булаларын алууда пайдаланылат. Андан алынган булалардын мех. касиети жүнгө жакын болгондуктан башка *химиялык булалардан* артыкчылыгы бар. Ага бензин, ацетон, дихлорэтан ж. б. эриткичтер таасир этпейт. Булардан кийим, килем, кездеме ж. б. жасалат.

ПОЛИАМИДДЕР — макромолекуларынын негизги тизмегинде алифаттуу ж-а ароматтуу радикалдар м-н байланышкан амид топчолору — CO—NH — бар *полимерлер*. П. өндүрүштө *полимерлөө* ж-а *поликонденсация* жолу м-н алынат. П-ди синтездөө үчүн ε-капролактам, адипин ж-а фталь к-талары, гексаметилендиамин, фенилендиамин ж. б. кеңири колдонулат. Ак кристалл заттар (кээси илээшчек суюктук). Алифаттуу П. кеңири таралган, эрүү t 150—260°С, ароматтуу П-дики 400°Сге жакын ж-а жогору. П. катуулугу, ийилчээктиги, эскирүүгө туруктуулугу, жылуулукка чыдамдуулугу м-н мүнөздолот. Хим. жактан туруктуу, концентрацияланган күкүрт ж-а кумурска к-таларында, крезолдо ж. б. эрийт. П. пресстөөгө, басым астында куюуга ж-а станоктордо иштетүүгө ыйкемдүү келгендиктен о. ж-да синтет. жип, плёнка алууда, машина тетиктерин жасоодо колдонулат.

ПОЛИАНДРИЯ *(поли...* ж-а гр. andrós — эркек, күйоо) — бир аялдын бир нече күйоо күтүшү, топ никенин сейрек кезигүүчү калдыгы. П. 19-к-да алеуттарда ж-а эскимостордун айрым топторунда болгон. Түп. Индиянын ж-а Тибеттин, Түш. Американын кээ бир этногр. топторунда азыр да кездешет.


ПОЛИАРИЛАТТАР — дикарбон к-таларынын дихлорангидриддери м-н эки атомдуу фенолдун *поликонденсациясынан* алынган татаал полиэфирлер. Жалпы формуласы [—OAOOCA′CO—]$_n$. Мында A — фенолдун, A′ — дикарбон к-таларынын калдыктары. Ароматтуу дикарбон к-тасынын П-ынын практикалык мааниси бар. Бул П. жог. температурада (200—360°С) жумшарат, диэлектрлик ж-а мех. жакшы касиетке ээ, жылуулукка чыдамдуу. Алар май, суюк отун, кээ бир орг. эриткичтердин ж. б. таасирине туруктуу, бирок жегичтер, аммиак, концентрацияланган күкүрт, азот к-таларына чыдамсыз. П. басым астында куюлат, пресстөө м-н иштетилет. П-дан конструкциялык буюмдар, плёнкалар, синтет. кагаздар ж. б. жасалат.

ПОЛИАРТРИТ *(поли...* ж-а гр. árthron — муун) — муундардын сезгенүүсү. Ал инфекциядан же муундарда зат алмашуу бузулгандыктан пайда болот. Белгилери: муундар ооруп, кызарат, шишийт, деформацияланат, функциясы бузулат ж. б. Катуу кармаган, өнөкөт түрлөрү бар. Пайда болушуна жараша инфекциялык, дистрофиялык, башка оорулар м-н байланыштуу П. болуп бөлүнөт. Мис., инфекциялык П-ке кызыл жүгүрүк ж-а дизентерия П-и кирет. П. зат алмашуунун бузулушунан, уулануудан да болот, мис., анкилоздуу П., спондилоартрит ж. б. Бул ооруда муун кабыгында, кемирчектерде, сооктордо, байламталарда өзгөрүүлөр кездешет. Дарылоо муундардын оорусун пайда кылган ооруга каршы жүргүзүлөт, антибиотиктер, гормон дарылары, сезгенүүгө каршы, ооруну басаңдатуучу дарылар, физиотерапия, айыктыруучу гимнастика, хирургиялык жол колдонулат. Цхалтубо, Пятигорск, Саки, Евпатория ж. б. курорттордо дарылоо болот. П-ти алдын алуу үчүн эмгек ж-а турмуш шарттарын жакшыртуу, эмгекти коргоо, кесип ооруларына жол бербөө, турак жай, кийим гигиенасын сактоо ж. б. чаралар көрүлөт.

Ад. к. Кызыл жүгүрүк, Подагра, Колдзаген оорулары макалаларынан.

ПОЛИБИЙ (б. з. ч. 201, Мегалополь, Аркадия — 120-ж. чейин, ошол эле жер) — байыркы грек тарыхчысы. Ахей союзунун стратегинин уулу. П.— «Тарых» китебинин автору. Ал 40 китептен турган. Бул эмгектин алгачкы бешөө толук сакталып, калганы жоголгон же бизге үзүндүлөрү гана жеткен. П. өзүнүн «Тарыхында» Греция, Македония, К. Азия, Сирия, Египет, Карфаген ж-а Римдин «жалпы тарыхын» өз ара байланышта баяндоого аракеттенген.

ПОЛИБУТАДИЕНДЕР — бутадиендин полимерлери. *Бутадиен* молекулалары 1,4-цис (I), 1,4-транс (II), 1,2 (III) абалында байланышып, чынжыр пайда кылышы мүмкүн.



Полимердин касиеттери бул структуралардын полимер молекулаларынын жайгашууларына ж-а алардын санына, полимерлөөдөгү шартка, катализаторго байланыштуу болот. П-дин 4 стереорегулярдык полимери белгилүү. П-дин каучук сымал полимерлеринин тех. мааниси чоң (к. *Бутадиен каучугу*).

ПОЛИВАНОВ Евгений Дмитриевич [28. 2(12. 3). 1891, Смоленск — 25. 1. 1938, Ташкен] — сов. чыгыш тилдерин изилдөөчү ж-а адабиятчы. 1919-жылдан КПСС мүчөсү. Ленинград университ ж-а Чыгыш практикалык академиясын (япон болүмүн) бир мезгилде (1912) бүткөн. И. А. *Бодуэн де Куртенэден* ж-а Л. В. *Щербадан* таалим алган. 1917-жылдан Ташкен өлкөлүк иштер эл комиссариатында Чыгыш өлкөлөр бөлүмүн башкарган. 1919-ж. Петроград, кийин (1926-жылга дейре) О. Азия ун-тинин (Ташкен), 1929-жылдан Өзбек мамл. ил. из. ин-тунун, 1934-жылдан Кыргыз маданий курулуш ин-тунун (Фрунзе) проф. П. Евразиянын 20дан ашуун ири тилин билген. Негизги эмгектеринде япон, кытай, өзбек, дунган, жалпы тил илиминин маселелери изилденет. 1927—30-ж. Н. Я. Маррдын *этил жонундогу жаңы окуусун»* биринчи сынга алган. П. тарыхый фонологияга, тилдин эволюциялык теориясына негиз салган. Орустан башка улуттарга орус тилин окутуунун лингв. методун биринчилерден болуп иштеп чыккан. Чыгыш (кытай, япон, түрк элдеринин) ад-тынын поэтикасын, фольклорун («Манас» эпосун да) изилдеген.

Чы г.: Грамматика современного китайского языка (совм. с А. И. Ивановым), «Труды Ин-та востоковедения» им. Н. Н. Нариманова, т. 5, М., 1930; Грамматика японского разговорного языка (совм. с О. В. Бледнером), там же, т. 14, М., 1930; За марксистское языкознание, М., 1931; Общий фонетический принцип всякой поэтической техники, «Вопросы языкознания», 1963, № 1; Статьи по общему языкознанию, М., 1968.

Ад.: Иванов Вяч., Лингвистические взгляды Е. Д. Поливанова, «Вопросы языкознания», 1957, № 3; Леонтьев А. А., И. А. Бодуэн де Куртенэ и петербургская школа русской лингвистики, «Вопросы языкознания», 1961, № 4; его же, Е. Д. Поливанов и обучение русскому языку в национальной школе, «Русский язык в национальной школе», 1966, №2.

ПОЛИВИНИЛАЦЕТАТ, [—CH_2—$CH(OCOCH_3)$—]$_n$ — *винилацетаттын* полимери. Катуу, түссүз зат. Суууда, минерал майларда, бензинде эрибейт, көпчүлүк орг. эриткичтерде эрийт. Аныи жумшаруу темп-расы анча жогору эмес (26—28°С), түрдүү материалдарга жакшы адгезияланат. П. о. ж-да эмульсия же суспензия абалындагы мономерлерди эркин радикалдык полимерлөө жолу м-н алынып, майдаланган (гранул), суудагы дисперсия же эритме (лак) түрүндө чыгарылат. П. поливинилацеталды, поливинил спиртин синтездөөдө, эмульсия сырларын, жыгач, кагаз, булгаары, кездеме желимдерин даярдоо, бетондордун сапатын жакшыртуу үчүн колдонулат. СССРде П-тын спирттеги эритмелери чыгарылат.

ПОЛИВИНИЛИДЕНХЛОРИД, [—CH_2—CCl_2—]$_n$ — *винилиденхлориддин* термопластикалык туз полимери. Ак түстөгү пластик, мол. м. 100 000ге чейин жетет. П. күйбөйт, физиол. жактан зыянсыз, бышык. Үч фосфатта ж-а айрым алкилсульфондордо эрийт, эфир, спирт, углевод, жегич ж-а кислоталардын таасирине чыдамдуу. 95%түү H_2SO_4, концентрацияланган NaOH, NH_3түн эритмелери, жарык ж. б. таасир этет. О. ж-да мономерди эмульсия абалында полимерлөө жолу м-н алынат. П. түрдүү түтүктөрдү, булаларды, сырларды алууда, эмульсияны кездеме, терi, кагазга сиңирүүдө пайдаланылат. Кийинки мезгилде П-дин *сополимерлери* ото кеңири өндүрүлүүдө.

ПОЛИВИНИЛ СПИРТИ, [—CH_2—$CH(OH)$—]$_n$ — ак түстөгү катуу полимер. Сууда эрийт, орг. эриткичтерде, май, бензин ж. б-да эрибейт. П. с. өндүрүштө поливинилацетатты метил спиртинин эритмесинде гидролизден алат. Ал булаларды, плёнкаларды алууда, желим, коюулантыкчы, эмульгатор катары, о. эле тамак-аш ө. ж-да ж-а медицинада колдонулат.

ПОЛИВИНИЛХЛОРИД, [—CH_2—$CHCl$—]$_n$ — *винилхлориддин* термопластикалык туз полимери. П.— ак түстүү пластик, физиол. жактан зыянсыз, бышык, диэлектрик касиетке ээ. П. татаал эфирлерде, хлорлонгон углеводороддордо, кетондордо аз эрийт. Суу, кислота, жегич, туз эритмелери, май, спирт, бензин ж-а о. ж. газдарынын (NO_2, Cl_2, SO_3, HF) таасирлерине туруктуу. П. ө. ж-да кадимки же эмульсия, суспензия абалында мономерди эркин радикалдык полимерлөө жолу м-н алынат. П.— кеңири таралган пластик; андан 3000-ден ашуун түрдүү ө. ж. материалдары алынып, алар электр техникада, тамак-аш ж-а жеңил о. ж-да, машина, кеме курууда, а. ч-да, медицинада ж. б. пайдаланылат.

ПОЛИГАМИЯ *(поли...* ж-а гр. gámos — нике) — көп никелүүлүк. «П.» термини кээде көп аял алуучулукту туюнтуу үчүн да туура эмес колдонулат, к. *Полигиния*.

ПОЛИГИНИЯ *(поли...* ж-а гр. gyné — аял, зайып) — көп аял алуучулук; никенин көбүнчө аталык уруу (патриархат) доорго мүнөздүү бир формасы. П-ныи кийинки формалары таптык коомдо (кээ бир мусулман элдеринде) үстөмдүк кылуучу таптардын артыкчылыгын корсотүүчү көрүнүш иретинде сакталып калган. Окт. рев-ясына чейин П. кыргыз байманаптар чөйрөсүнө кеңири тараган көрүнүш болгон.


ПОЛИГЛЯЦИАЛИЗМ *(поли...* ж-а лат. glacies — муз) — антропоген мезгилиндеги материктик муз каптоолордун кайталанып турушу ж-догу теория. П. антропогендө климат бирде суук, бирде жылуу болуп алмашып тургандыгына байланыштуу муз кандары бир нече жолу эриш ж-а кайра пайда болуп тургандыгын далилдөөчү биостратиграфиялык изилдөө ыкмаларына негизделген.



Е. Д. Поливанов.

ПОЛИГОН (аскердик) — аскер кууралдарын, карактарын ж-а техникасын сынооло, о. эле жоокерлерди аскердик ишке машыктыруугa арналган кургактагы же деңиздеги атайы участка. П-дун ракеталык, артилл., танкалык, авиац., миналык, зенитник, инженердик ж. б. түрлөрү бар. П. байкоо жүргүзүүчү пункт, бута, блиндаж, байланыш ж-а транспорт каражаттары ж. б. м-н жабдылат.

ПОЛИГОНОМЕТРИЯ (гр. polýgonos — көп бурчтуу ж-а *...метрия)* — геодезиялык таяныч торчолорун түзүү үчүн жер бетиндеги чекиттердин өз ара жайгашуу ордун аныктоочу ыкма. Таяныч торчолор топографиялык съёмка жүргүзүүдө, шаар курууда ж. б-да алгачкы маалымат катары пайдаланылат. Таяныч пункттардын жер бетиндеги орду, аралыгы ж-а бурчтары П. ыкмасында өлчөө жолу м-н аныкталат. Ал үчүн пункттарды



Полигонометриялык кадам.

бири бирине түз сызык аркылуу кошуу м-н сызыктуу П-лык жол түзүлүп, 2 сызык сызыктын кошулушундагы бурчту пайда кылат. Пункттардын аралыгы болот же ивнар ызымы, бурч *теодолит* м-н өлчөнөт.

Ад.: Данилов В. В., Точная полигонометрия, 2 изд., М., 1953.

ПОЛИГРАФИЯ *(поли...* ж-а *графия)* — техниканын текстттүү материалдарды ж-а сүрөттөрдү көбөйтүү тармагы; аларды даналап көбөйтүү каражаттарынын жыйындысы; П.— басма продукцияларды (китеп, газета, журнал, плакат, геогр. карта ж. б.) даярдап чыгара турган ө. ж. тармагы. П. о. ж-ы — басма ишинин материалдык-тех. базасы.

П. өнүгүүнүн өтө узак ж-а татаал жолун басып өттү. Китеп басуу башталган 1440-жылдан бери П. көп жолу улам өркүндөтүлдү. 20-к-дын ортосунан баштап ил.-тех. революциянын жүрүшүндө П-ныи өркүндөтүлүшү басуу формаларын даярдоонун электрондук ыкмасын колдонуу, офсеттик басууну кеңири жүргүзүү, автоматтык чубама линияны түзүү ж-а бүткүл өндүрүштү комплекстүү авто-



Н. И. Полиграфов.

матташтыруу ж-а механикалаштыруу багытында жүргүзүлдү.

П-ныи технологиясы негизги 3 топтон: форма (калып) даярдоо, басуу ж-а жасалгалоо процесстеринен турат. Форма даярдоо процессине текстти ж-а суреттердн басуу формаларын даярдоо иштери кирет. Текстти басуу формалары басмаканалык арнптерди терип кураштыруу м-н даярдалат. Текстер кол м-н же терүү машиналарында (к. *Линотип, Моногип*) терилет. Иллюстрациялык формалар фотохим. метод (к. *Автотипия*) ж-а гравюралык электрон машиналарында даярдалат. Басуу процессинин милдети — оригиналдын коп басылган көчүрмөсүн (оттискгерин) алуу. Бул үчүн ар түрдүү басуу машиналары колдонулат (к. *Басуу*). Жасалгалоо процесстеринде басма продукциясы толук даярдалып чыгарылат. Бул процессте китепти ж. б. кураштыруучу, тигүүчү машиналар колдонулат (к. *Китеп кураштыргыч машина, Мукаба, Мукабалоо процесси*).

П-лык ишкана өндүрүшүнүн мүнөзүнө жараша басмакана, түстүү басуу ф-касы, офсет ф-касы ж. б. болуп айырмаланат. Басмаканалык бир нече процессти же басуу түрлөрүн бирге аткара турган ишкана П. комбинаты деп аталат (к. *Кыргыз полиграфия комбинаты*). Даярдан чыгара турган басма продукциясынын түрүнө жараша П-лык ишкана универсал же адистештирилген (газеталык, газета-журналдык, китеп чыгаргыч, картографиялык ж. б.) болушу мүмкүн. СССРде П-лык ө. ж-дын составына арнп куйгуч, боёгуч ж. б. көмөкчү ишканалар да кирет (к. *Басмакана*).

Ад.: Попов В. В., Общий курс полиграфии, 6 изд., М., 1964; Виноградов Г. А., Полиграфическое производство, М., 1973.

ПОЛИГРАФИЯЛЫК БОЁК — басма ишинде кагаз, картон, кездеме, калдыркан такта ж. б. материалга бир же коп түстүү тамга, сүрөт түшүрүүдө колдонула турган ар кандай түс берүүчү заттар. П. б. ар түрдүү пигменттн байланыштыргыч зат м-н аралаштырагндагы коюу паста же бир өңчөй түстөгу суюк аралашма түрүндө болот. Кара боёк үчүн кадимки эле көө алынып, ага түс бургуч көк же жашыл пигмент ж-а май эриткич боёк кошулат. Ак же башка түстогу боёктор үчүн орг. ж-а орг. эмес пигменттердин керектүү түрү алынат. Бул боёкторду байланыштыргыч зат катары олифа (натуралдык, чала синтет. ж-а композициялык) майлуу лак ж-а тез таралгыч эриткичтер колдонулат. П. б. ар түрдүү конструкциядагы басуу машинкаларынын валдары м-н басуу формасына сүйөлөт да, андан басым астында материалдын бетине түшүрүлөт. Басуу формасына жараша материалдын бетине жугузулган боёктун калыңд. 0,8ден 60 *мкм*ге жетет. Боёкту сүйкөө шартына, басуу формасына, басуу ылдамдыгына ж-а боёк сүйколо турган материалдын касиетине жараша П. б. илээшкек, ийкемдүү жабышкак, сицимдүү, жалтырак, жылмакай, тунук ж. б. болушу керек.


ПОЛИГРАФИЯ ӨНӨР ЖАЙЫ — ар түрдүү басма соз продукцнясын чыгаруучу ө. ж. тармагы, к. *Басмакана, Полиграфия*.

ПОЛИИЗОБУТИЛЕНДЕР, [—C(CH$_3$)$_2$—CH$_2$—]$_n$— *изобутилендин* полимерлери. Мол. м. 10—50 мнңге чейинкилери — илээшме суюктуктар, мол. м. 70—225 мнңге чейинкиси — каучук сымал аморфтук абалда, 185—200°Сде жумшайт, 300°Сге чейинки ысыкта бузулбайт, бирок мех. касиети 100°Сде эле олуттуу начарлайт. П. газды начар өткөрөт, кислота, жегич, туздардын эритмелеринин таасирине туруктуу ж-а жог. диэлектрлик касиетке ээ. Күн нурунун таасирнен структурасы өзгөрөт. П, эфирде, хлордуу углеводороддордо эрийт. П. ө. ж-да изобутиленди полимерлөөдөн алынат. П. хим. аппарат ж-а түрлүү түтүк, коррозиядан сактоочу каптагыч, желим, суу өткөрбөөчү кездеме ж. б-ны алууда кеңири колдонулат.

ПОЛИИЗОПРЕНДЕР — *изопрендин* синтет. ж-а табигый полимерлери. Жалпы формуласы [—CH$_2$—C(CH$_3$)=CH—CH$_2$—]$_n$. Синтет. П.— катализаторлордун тааспри аркасында стереоспецификалык полимерлөө жолу м-н алынган стереорегулярдык полимерлер. Табигый ж-а синтет. П. структуралык түзүлүштөрү, жалпы касиеттери жагынан бири-бири м-н окшош. Молекулаларында каныкпаган көш байланыштардын көп болушу П-дин кычкылдануура туруктуулугун азайтат. П. негизинен шина ж. б. ө. ж-да пайдаланылат, к. *Синтетикалык каучук, Изопрен каучугу, Гуттаперча*.

ПОЛИКАПРОЛАКТАМ, поликапроамид, поли-ε-капроамид, [—NH(CH$_2$)$_5$CO—]$_n$— *капролактамдын* түз полимери, алифаттык полиамид. Жытсыз, мүйүз сымал ак зат, тыгыз. 1,13—1,14 *г/см*^{3} (20°С), эрүү t 225°С. П.— абдан бышык ж-а кеңири белгилүү полиамиддердин бири. Хим. жактан туруктуу, көпчүлүк эриткичтерде эрибейт. Концентрацияланган күкүрт, кумурска к-тасында жакшы эрийт. Түрдүү боёктор м-н жакшы аралашат ж-а боёлот. П. ε-капролактамды полимерлөө м-н алынат. П. негизинен полиамид булаларын, плёнкаларды, жасалма булгаары, радио, электр техникасын түрдүү тетиктерин даярдоодо колдонулат. Капрон (СССР), дедерон (ГДР), силон (ЧССР), амилан (Япония) ж. б. ат м-н чыгарылат.

ПОЛИКАРБОНАТТАР—көмүр к-тасы м-н диоксибирикмелердин полиэфирлери, жалпы формуласы:



П-дын ичинен аромат П. практикалык жактан маанилүү. П. көпчүлүк орг. эриткичтерге, кычкылданткычтарга, туздардын эритмелерине, кислоталарга туруктуу. Эң жакшы диэлектрлик касиетке ээ. П. көмүр к-тасынын ар кандай эфирлерин эки атомдуу спирттер (фенолдор) м-н жог. темп-рада (150—300°С), инерттүү чөйрөдө (азот, көмүр кычкыл газы, аргон) ысытуу ж-а орг. эриткичтерде фосгенди эки атомдуу фенолдор (феноляттар) аркылуу өткөзүү м-н алынат. П. була, плёнка ж. б. буюмдар жасоодо колдонулат.

ПОЛИКАРПОВ Николай Николаевич [26. 6(8. 7). 1892, Георгий слободасы, азыркы Орёл обл., Ливенский р-ну— 30. 7. 1944, Москва]—сов. авиаконструктор, Соц. Эмг. Баатыры (1940). Петроград политех. ин-тун, андагы авиация ж-а абада учуу курсун бүткөндөн кийин (1916) Орус-Балтика з-дунда «Илья Муромец» самолётун куруруга катышкан. 1918-жылдан Москвада түрдүү типтеги самолётторду түзүүгө ж-а куруруга жетекчилик кылган. 1923-ж. биринчи ата мек. И-1 (ИЛ-400) истребителин, 1928-ж. И-3 ж-а У-2 үйрончүк самолётун жасаган. ПО-2 ж-а чалгынчы Р-5 (1929) самолёттору эл аралык авиац. коргөзмөлөрдө (1930, 1936) сыйлыкка татыктуу болгон. Согуш алдында бир нече И-15, И-16, И-153 «Чайка» согуш самолётторун түздү. 1943-жылдан Москва авиац. ин-тунун проф., СССР Жог. Советинин (1-шайл.) депутаты. СССР мамл. сыйл. (1941, 1943) лауреаты. Эки Ленин ордени ж-а Кызыл Жылдыз ордени м-н сыйланган.

ПОЛИКАРП ӨСҮМДҮКТОРУ *(поли...* ж-а гр. karpós — мөмө) — тиричилигинде бир нече жолу гүлдөп, мөмө берүүчү өсүмдүктөр. П. ө-но гүлдүү өсүмдүктөрдүн дээрлик бардыгы кирет, к. *Монокарп өсүмдүктөрү*.

ПОЛИКЛИНИКА (гр. pólis — шаар ж-а klinike — дарылоо) — ооруканадан тышкары дарылап, алдын алуу чараларын жүргүзүүчү мед. мекеме. Анда адистештирилген атайын жардамды оорулуу П-га келип же үйүнөн алат. СССРде амбулатория—поликлиника мекемелери ооруканга м-н бириккен, ө. эле өзүнчө П-лар да бар. П-да адис врачтардын кабинети, каттоочу жер, процедура кабинеттери, диагностика лабор-ясы, рентген ж-а физиотерапия кабинеттери ж. б. болот. П-ныи алдын алуу чараларына диспансердик байкоо жүргүзүү, көэ бир ооруларды (туберкулёз, рак ж. б.) башталыш формасында табуу үчүн өндүрүштөгү ж. б. жайлардагы адамдарды текшерүү кирет.

Ад.: Гомельская Г. А. [и др], Очерки развития поликлинической помощи в городах СССР, М., 1971.

ПОЛИКОНДЕНСАЦИЯ — би- же полифункциялуу бирикмелерден (мономерлерден) полимерлерди алуу процесси. Мында полимер м-н бирге төмөнкү молекулалуу бирикмелер (суу, туз к-тасы, аммиак, спирттер ж. б.) бөлүнүп чыгат. П. реакциясы гомополиконденсация ж-а гетерополиконденсация болуп бөлүнөт. Гомополиконденсацияда бир гана мономердин эки түрдүү функциялык топтору өз ара реакцияга кирип, полимер пайда кылат. Гетерополиконденсацияда эң кеминде экиден кем эмес түрдүү мономерлер катышат. Бифункциялуу бирикмелердин П-сынан түз макромолекула пайда болот. Бул түз П. деп аталат. Реакцияга кирүүчү молекулаларда 3 же андан ашык функциялык топтору болсо, үч өлчөмдүү түзүлүш пайда болуп, фазалык процесс деп аталат. П. процесси табиятта ж-а техникада маанилүү роль ойнойт. Негизги биополимер — белок, нуклеин к-талары, целлюлоза ж. б-дын биосинтези ушул реакцияга негизделген. О. эле ө. ж-да полиэфирлерди, полиамиддерди, фенол-формальдегид ж-а мочевина-формальдегид чайырларын ж. б-ны алууда колдонулат.

Ад.: Энциклопедия полимеров, т. 1—2, М., 1972—74.

ПОЛИКРИСТАЛЛДАР — көэ бир заттардын майда *кристаллдар* агрегаты; ал формасынын туура эместигинен кээде кристаллит же кристалл бүртүкчөлөрү (зерноеу) деп аталат. Көпчүлүк табигый ж-а жасалма материалдар (минералдар, металлдар, куймалар ж. б.) П. болушат. П-дын касиети аны түзгөн кристалл бүртүкчөлөрүнүн касиетине, алардын орт. өлчөмүнө (1—2·10^{-6} *мкм*ден бир нече *мм*ге чейин), кристаллографиялык ориентациясына (багытталышына) ж-а бүртүкчөлөрдүн тийишкен орундарындагы структурасына байланыштуу. Эгер бүртүкчөлөр прөэтсэ багытталып, алардын өлчөмдөрү П-дын өлчөмдөрүнөн кичине болсо, анда П-да *монокристаллдарга* мүнөздүү болгон *анизотропия* болбойт. П. кристаллдашуудан, полиморфтуу айлануудан ж-а кристалл күкүмдөрүн бышырудан пайда болот. П-дын монокристаллга караганда туруктуулугу аз, ошондуктан аны узак сугарууда (отжиг) бүртүкчолор улам бириинн эсебинен эжиичси чоюнон, ири кристалл блогун пайда кылат.

ПОЛИМЕРЛЕР (гр. polymeres — коп болүктөрдөн турган, коп түрдүү) — молекулалары (макромолекулалары) коп санда кайталануучу топчолордон (мономерлүү тизмектерден) турган ири мол. массалуу (бир нече миңден бир далай млн) хим. бирикмелер. Макромолекулаларынын составына кирүүчү атомдор бири-бири м-н негизги же координациялык валенттик күчтөр м-н байланышкан. П. табигый (белоктор, нуклеин к-талары, табигый чайырлар) ж-а синтет. (полиэтилен, полипропилен, фенолформальдегид чайырлары) болуп болүнөт. П-дин молекулалары бирдей мономерлер тизмегинен турса, гомополимерлер (мис., поливинилхлорид, поликапроамид, целлюлоза), ал эми түрдүү мономерлердин тизмегинен түзүлсө, сополимерлер (бутадиен-стирол каучугу, стирол-дивинилбензол ж. б.) деп аталат. Алар негизги тизмектин составына жараша гомотизмектүү (бирдей атомдордон турган) ж-а гетеротизмектүү (түрдүү элементтин атомунан түзүлгөн) болуп бөлүнөт. Гомотизмектүү П-дөн карботизмектүү П. көп таралган. Макромолекулада углеводород тобу м-н бирге орг. эмес элементтердин атомдору болгон П. *элемент органикалык полимерлер* деп аталат. П-дин касиеттери алардын хим. составы, мол. массасы, тармактануу даражасы, макромолекуланын ийилгичтигн ж. б. негизги мүнөздөмөлөрүнө байланыштуу. Табигый П. түрдүү организмдин клеткаларындагы биосинтез процессинде пайда болот. Синтет. П. полимерлөө ж-а поликонденсация реакциялары м-н алынат. П. мех. бышыктыгы, ийилгичтиги, электр өткөрбөөчү ж. б. баалуу касиеттерине байланыштуу ө. ж-дын түрдүү тармактарында ж-а үй-тиричиликте кеңири колдонулат.

Ад.: Лосев И. П., Тростянская Е. Б., Химия синтетических полимеров, 2 изд., М., 1964.

ПОЛИМЕРЛЕРДИ КАТЫРУУ — мол. массасы кичине, реакцияга жөндөмдүү суюк полимерлердин (олигомерлердин) эрибеген, кайра калыбына келбеген катуу полимерлерге айлантуу процесси. Полимерлер атайын реагенттердин (катыруучулардын) катышуусу м-н же реакцияга жөндөмдүү олигомерлердин жылуулук ж-а ультракызгылт көк нурдун таасиринен өз ара аракеттенишинен катат. Катуу механизми олигомерлердин реакцияга жөндөмдүү тобуна, катыруучулардын түрүнө ж-а процесстин шартына жараша болот. П. к. *поликонденсация* же *полимерлөө* реакциясы м-н да өтөт. Полимерлер синтез жүрүп жатканда же реакция бүтөрү м-н, ө. эле полимерлөө, поликонденсация реакциялары бүтөр замат болбо темп-расына чейин муздатуу м-н катырылат.

ПОЛИМЕРЛЕРДИН БЫШЫКТЫГЫ— сериилгич деформациянын аргасыздан пайда болушуна ж-а үзалүүгө же сынууга полимерлердин каршылык көрсөтүүсү. П. б. алардагы атом же молекулалардын бириүү күчүнө ж-а деформациялык касиеттерине байланыштуу. П. б. изилденүүчү полимерлердин кысылышына, созулушуна ж-а темп-расына көэ каранды, к. *Бышыктык*.

ПОЛИМЕРЛЕРДИН ЖЫЛУУЛУККА ЧЫДАМДУУЛУГУ — полимерлердин жог. темп-рада эксплуатациялык касиеттерини сактоосу. Ал мех. жүктү которгондо формасын ж-а хим. жактан туруктуулугун өзгөртпөөчү температуранын жог. чеги м-н мүнөздөлөт. П. ж. ч-нун азайышын физ. процесстер (айнек сымал полимерлердин жог. ийилгич абалына өтүшү же кристалл полимерлердин эрүшү) шарттайт. Каткан (айнек сымал) П. ж. ч. алардын катуу темп-расы м-н, кристалдык полимерлердики кристалл абалы сакталган темп-расы м-н аныкталат. П. ж. ч. пластификациялоодон төмөндөйт, ал эми толуктагычтарды кошуудан жогорулайт. Буюмдардын түрлөрүнө ж-а колдонулушуна карата П. ж. ч-н аныктоочу ар кандай методдор колдонулат.

ПОЛИМЕРЛЕРДИ ПЛАСТИФИКАЦИЯЛООО — төмөнкү молекулалуу заттарды — пластификаторлорду кошуу м-н полимерлердин касиеттерин өзгөртүү. П. п-до алар жумшарып, иштетүүгө ийкемдүүлүү ж-а чоюлгучтугу өсөт. Пластификаторлор полимерлердин суукка, жарыкка, ысыкка туруктуулугун ж. б. баалуу касиеттерин жогорулатат. Пластификатор катары хим. инерттүү полимер м-н жакшы аралашуучу заттар колдонулат. Кеңири таралган пластификаторлорго орг. ж-а орг. эмес кислоталардын эфирлери, нефть майлары, канифоль, өсүмдүк майлары ж. б. кирет. П. п. пластмассаларды иштетүүдө, ааналарды, лак-боёкторду алууда чоң мааниге ээ.

ПОЛИМЕРЛӨӨ—мономерлерди ыраатуу кошуу м-н ири молекулалуу заттарды (макромолекулаларды) алуу процесси. Тизмектеги мономерлердин молекулалары макромолекуланын мономер звенолору болот. Ал звенолордун саны П. даражасы деп аталат. П-го катышкан мономерлердин санына жараша гомополимерлөө (бир мономер) ж-а сополимерлөө (эки же коп) болуп айырмаланат. О. эле негизги тизмегинин табигый активдүү борборуна карата: радикалдык П. (активдүү борбору— эркин радикал) ж-а иондук П. (активдүү борбору — ион дор же уюлдашкан молекулалар) болуп болүнөт. П-дө мономерлердин валенттик байланыштары үзүлүп, жаңы байланыштар пайда болот. П.— уланма реакциянын өзгече бир түрү. Мономер молекулаларында активдүү борбор пайда кылуучу күчоткүчтөр — жылуулук, жарык, электр тогу, иондоштуруучу нурлар ж-а катализаторлор макромолекуланын өсүшүнө түртүк берет. Радикал м-н туруктуу бирикме пайда кылып, реакцияны токтоткон (жайлантқан) заттар *ингибиторлор* деп аталат.

Ад.: Энциклопедия полимеров, т. 1—2, М., 1972—74.

ПОЛИМЕР ПЛЕНКАЛАРЫ — калыңд. 0,2—0,3 *мм*ден ашпаган туташ полимер катмары. Алар табигый (белок, табигый каучук, целлюлоза ж. б.), жасалма (табигый полимерлерди хим.

иштетүүдөн алынган) ж-а синтет. (полиолефиндер, поливинилхлорид, полиамид ж. б.) полимерлерден алынат. Синтет. плёнкалар өздөрүнүн физ.-мех. ж-а хим. касиеттери б-ча табигый плёнкалардан артыкчылык кылат. П. п. түрдүү материалдарды ороо үчүн өн. ж. ж-а турмуш тиричиликте кеңен колдонулат. Аны даярдоо үчүн полиэтилен, полипропилен, поливинилхлорид, полистирол ж. б. полимерлер керектелет. О. эле электр изоляциялык (полиолефин, полиамид ж. б.) плёнкалар кеңири таралган. Атм-рага туруктуу П. п. (полиэтилен, полиамид ж. б.) өсүмдүктөрдү сууктан сактоо максатында гүлзарларга ж. б-га жабылат.

ПОЛИМЕТАЛЛ-КАРБОНАТТАР ФОРМАЦИЯСЫ — негизинен коргошун, цинк, кээде жез, күмүш ж-а сымап рудалуу аки таш, доломиттен түзүлгөн тоо тек катмарлары. *Платформа* ж-а многогосинклиналь структураларында таралып, ариддик климат өкүм сүргөн деңиз сайроону м-н булуңдарында, көлдөрдө ж-а алардын кылааларында чөкмө түрүндө пайда болот. Бардык геол. мезгилдердин тоо тек катмарларында ж-а Жер шарынын көп аймактарында кезигет. Формацияны биринчи жолу Ортоңку Тянь-Шанда В. М. Попов, В. Т. Сургай ж-а У. Асаналиевдер болгон ж-а изилдеген. Составында, о. эле кошунду түрүндө пирит, мельниковит, гипс, ангидрит, барит, флюорит, целестин, хальцедон минералдары, терриген чөкмөлөрү, орг. заттар, чапда жанар тоо тектеринин материалдары жолугат. Өңү карагкын, бозомук. Калың. 25—30 *м*ден 1500 *м*ге чейин жетип, жүздөгөн чарчы *км* аймакты ээлеп жатат. Бул формация Тянь-Шанда кеңири таралып, негизинен девон, карбон мезгилдеринде пайда болгон. Алар м-н Кырг-ндагы Сумсар, Эки-Чат, Чаар-Кудук ж. б., Түш. Каз-ндагы Ачисай, Миргалимсай, Шалкыя, Өзб-ндагы Үч-Кулач, Краснояр крайындагы Горев, Польшадагы Жог. Силезия, Италиядагы Райбль, Сардиния, Канададагы Пайн-Пойнт ж. б. полиметалл кендери байланыштуу.

Ад.: Асаналиев У. А., Литология и рудоносность девонских и нижнекаменноугольных отложений Срединного Тянь-Шаня, Фр., 1974; Рудные месторождения СССР, т. 2, М., 1974.

ПОЛИМЕТАЛЛ РУДАЛАРЫ *(поли...* ж-а *металл)* — пайдалуу өлчөмдөгү металлдар негизинен коргошун м-н цинктен, кошундулары — жез, алтын, күмүш, кадмий, кээде висмут, калай, индий ж-а галийден туруучу комплекстүү *рудалар*. П. р-н түзүүчү 260-тай минералдын негизгилери: *галенит, сфалерит*, дайыма *пирит, халькопирит*, кээде *оңу өчкөн рудалар, арсенопирит* ж-а *касситерит*. Жез халькопирит түрүндө, күмүш ж-а висмут көбүнчө галенит м-н байланышта болот. Алтын өзүнчө же галенит м-н халькопиритте кошунду түрүндө кездешет. П. р-ның өндүрүштүк маанидеги кендеринде баалуу компоненттердин өлчөмү бир нечеден 10%ке, кээде андан да көп болот. Алардын өлчөмүнө карай бай, орточо, кедей, запасы б-ча кичине (100—200 миң *т*), орто (200—500 миң *т*), ири (1 млн *т* дан көп) кендер болуп ажыратылат. П. р. түрдүү геол. мезгилдерде гидротерм, жанар тоо-чөкмө ж-а чөкмө процесстердин натыйжасында пайда болот. Негизинен платформа, геосинклиналь ж-а ортоңку массивдердин карбонаттар м-н кычкыл составдуу жанар тоо тектеринде гидротерм эритмелеринин кристаллдашуусунан жаралат. Мында П. р. м-н жаналта жаткан тектер гидротерм процесстинен хлоритташуу, серициттешүү ж-а кварцташууга дуушарланып, адатта өзгөрүлөт. Шток, тарам, линза, уя түрүндө жайгашып, бир нече *м*ден *км*ге чейин созулат. Руда минералдары туташ же чачыранды түрүндө таралат. Гидротерм кенинен башка руда тулкусунун үстүңкү болүгүнүн (100—200 *м*ге чейин) үболонүүсүнөн пайда болгон кычкылданган (экинчи прет жаралган) П. р. да жаратылышта белгилүү. Алар составында церуссит, англезит, смитсонит, каламин, малахит, азурит минералдары бар темирдин суулуу кычкылынан турат. СССРдеги ири кендери Каз-н, Өзб-н, Батыш Сибирь, Кавказда кездешет. Дүйнөдөгү ири кендери Канададагы Пайн-Пойнт, Салливан, Австралиядагы Брокен-Хилл болуп эсептелет. Кырг-нда Сумсар, Борду, Кан, Ак-Түз, Эки-Чат полиметалл кендери бар.

Ад.: Амирасланов А. А., Основные типы месторождений свинца и цинка, М., 1957; Смирнов В. И., Геология полезных ископаемых, М., 1969.

ПОЛИМОРФИЗМ (гр. polýmorphos — көп түрдүү, ар кыл) *физикада, химияда, минералогияда* — кээ бир катуу заттардын бир нече атом кристаллдык структурада болуу жөндөмдүүлүгү. Бир эле заттын түрдүү кристаллдык структурасы полиморфтук модификация деп аталып, α, β,γ ж. б. грек тамгалары м-н белгиленет. Ар бир полиморфтук модификация белгилүү бир темп-рада ж-а басымда гана туруктуу. Эгер шартты бир аз өзгөртсөк, анда ал зат бир фазадан экинчи фазага (структурага) өтүп кетет.

ПОЛИМОРФИЗМ *биологияда* — туруктуу бирдей шартта жашаган түрлөрдүн ичинде кескин айырмаланган формаларынын болушу. Эркек ж-а ургаачы жыныстын ички, сырткы түзүлүш өзгөчөлүгүн жыныс диморфизми дейбиз. П-дин бир нече түрү белгилүү. Генетикалык жактан октоп гидроиддер колонияларынын түрдүү формалары (мис., Podocoryne полиптеринин трофозоид, дактилозоид ж-а акантозоиддер) жолугат. Медуза м-н полиптердин сырткы түзүлүшү б-ча айырмаланышкан формалары муун алмашууга байланышкан II-ге жатат. Дигенездүү соргучтардын личинкаларынын көп түрдүүлүгү плейоморфоз делет. Бир эле жыныстын (эркек же ургаачы) ичинде бири бирине сырткы түзүлүшүндөгү айырма байкалат. Мис., чөп биттеринин ургаачыларынын ж-а көкциддердин эркек жыныстууларынын канатсыздары, канаттуулары болот. Кумурска м-н аарыларда да П. учурайт. Мис., аарылардагы «солдаттар» башкаларынан кескин өзгөчөлөнүшү, уяны коргойт, ал эми эне аары жумурткаларды гана тууйт да, аны «жумушчу» аарылар багат. Сезонго байланышкан П. курт-кумурскадан (мис., сезонго карай көз көпөлөктөрдүн түсүнүн өзгөрүүсү) байкалат.

Киши канынын 4 группасы (A, B, AB, O) да П-ге кирет.

Ад.: Шеппард Ф. М., Естественный отбор и наследственность, пер. с англ., М., 1970.

ПОЛИНГ, Паулинг Лайнус Карл (28. 2. 1901-ж. т., Портленд) — амер. физик ж-а химик, коомдук ишмер. Орегон коллежин бүткөн (1922), Мюнхен, Копенгаген ж-а Цюрих ун-ттеринде билимин өркүндөткөн (1926—27). Калифорния технол. ин-тунун (1931) ж-а 1969-жылдан Стэнфорд ун-тинин проф. 1948-жылдан Амер. хим. коомдун пред-ли, АКШ Улуттук ИАнын мүчөсү. Негизги ил. эмгектери *квант механикасынын* методу м-н хим. байланышты ж-а молекуланын түзүлүшүн изилдөөгө багытталган. П. пондук радиустардын чоңдугун эсептеп чыгып, таблица түзгөн ж-а гомеополярдык байланышка квант мех. түшүнүк берген. Көз бир эмгектери биохимияга, өзгөчө белоктун түзүлүшү, иммунохимия ж. б-ларга арналган. Ал тынчтыкты жактап, ядролук куралдарды сыноого каршы күрөшкөн. П. Нобель сыйл. (1954 — химия б-ча; 1962 — тынчтык б-ча), «Элдер ортосунда тынчтыкты чыңдаганы үчүн» эл аралык Лениндик сыйл. (1970) лауреаты. СССР ИАнын чет өлкөлүк мүчөсү (1958).

Чыг.: Природа химической связи, М.—Л., 1947; Не бывать войне!, М., 1960; Общая химия, 3 изд., М., 1974.

ПОЛИНЕВРИТ *(поли...* ж-а гр. néuron — нерв) — нервдердин бузулушу. Негизги себептери — *жугуштуу оорулар*, уулануулар *(аракечтик), диабет* ж-а *уремилда* зат алмашуунун бузулушу, *авитаминоздор* ж. б. Мында четки нервдер, жүлүн нервдеринин дүмүрчөгү, кээде борб. нерв системасы бузулат. Дарылоо ж-а профилактикасын к. *Неврит*.

ПОЛИНЕЗИЯ *(поли...* ж-а гр. nesos — арал) — Тынч океандын борб. бөлүгүндөгү Океания аралдарын. П-га Тонга, *Гавайи аралдары*, Эллис, Феникс, Токелау, *Кук аралдары*, Батыш Самоа, Чыгыш Самоа, Лайн же Борб. Полинезия Спорадддары, Тубуаи, *Маркиз аралдары, Коом аралдары*, Туамоту, Пасха ж. б. аралдар, Жаңы Зеландия да кирет. Аянты (Жаңы Зеландияны кошпогондо) 26 миң *км*². Калкы 1,2 миң (1969). Аралдар негизинен жанар тоо атылыштарынан ж-а кораллдардан пайда болгон. Жанар тоо аралдары тоолуу (бийикт. 4202 *м*ге чейин), коралл аралдары тээп, ойдуңдуу. Гавайи ж-а Самоа а-дарында аракеттеги жанар тоолор бар. Климаты экватордук, тропиктик ж-а пассаттык. Тоолуу аралдары дайыма жашыл субэкватордук ж-а тропиктик токой (айрыкча айдарым канталдары), ылымта беттери саванна м-н капталган. Калкы өкө негизги топтон турат: океаниялык аборигендер ж-а Европа, Америка, Азиядан келген иммигранттар. Алардын негизги кесиби — кокос пальмасын, банан, бал кемиш, ананас, кофе, какао, каучуктуу дарак, шалы, ямс, таро, маниок өстүрүү. Деңизден бермет алынып, таш бака кармалат. Ири шаарлары ж-а порттору: Гонолулу (Гавайи а-дарында), Папеэте (Таити), Апиа (Батыш Самао), Паго-Паго (Чыгыш Самао).

Испан деңиз саякатчысы А. Менданья де Нейра биринчи жолу 1568-ж. Соломон а-дарын, 1595-ж. Санта-Крус ж-а Маркиз а-дарын ачкандан кийин 16-к-дын аягында П. а-дар тобу европалыктарга маалым болгон. П. а-дары Америка, Түш.-Чыгыш Азия, Австралия жол тоомунда тургандыктан аны ачууга 19-к-га чейин португал, голланд, француз, англис ж-а орус деңиз саякатчылары да катышкан.

ПОЛИНЕЗИЯЛЫКТАР — Полинезиянын ж-а Меланезиянын чыгышындагы кээ бир чакан аралдардын жерг. калкы. Жалпы саны 750 миң (1970). Малайя-полинезия тобундагы тилдерде сүйлөшөт. Көпчүлүгү христиан динин, о. эле жерг. байыркы диний ишенимдерди тутат. Антроп-ялык типи байыркы түш. монголоиддер м-н негр-австралоиддердин аралашуусунан түзүлгөн. Негизги кесиби — дыйканчылык ж-а балыкчылык. 18-к-дагы европ. колонизаторлор П-га бир топ залал келтиришкен. Азыркы П. жарым натуралай а. ч-н жүргүзүп, капит. плантацияларда иштешет.

Ад.: Народы Австралии и Океании, М., 1956.

ПОЛИНОМ *(поли...* ж-а лат. nomen — ат), к. *Көп мүчө*.

ПОЛИОЛЕФИНДЕР — каныкпаган углеводороддорду — олефиндерди полимерлөө же сополимерлөөдөн пайда болгон ири молекулалуу бирикмелер, жалпы формуласы $[-CH_2-C(R)=]_n$.

П-дин ичинен полиэтилен м-н полипропилен кеңири белгилүү. Бузуучу заттардын таасирине туруктуу, диэлектрик корсоткүчү ж-а кристаллдык даражасы жогору, мех. жактан бышык келет. П. түрдүү пластмассаны алуу ж-а аны о. ж-да колдонуу б-ча башка полимердин арасынан 1-орунду ээлейт, о. эле синтет. каучук (этилен-пропилен каучугу) алууда колдонулат.

ПОЛИПЛОИДИЯ (гр. polýploos — көп эселенүү, éidos — түр) — өсүмдүк же айбанат клеткасындагы *хромосомалардын* санынын эселениши. Ар бир өсүмдүктүн же айбанаттын клеткаларынын туруктуу сандагы хромосомадан тураары белгилүү. Мис., пиядын хромосомасы — 16, жүгөрүнүкү — 20, мышыктыкы — 60. Клеткада бир түрдөгү хромосомалар түгөйү м-н (диплоид) жайгашкан, мис., кишинин клеткасында 23 хромосома түгөйү м-н, б. а. 23×2=46 хромосома бар. Организмдин ушундай туруктуу сандагы хромосомалуу түрлөрү м-н катар саны өзгөргөн хромосомалуу формалары да болот. Клеткаларындагы хромосомалар эселеп өзгөргөн түрлөрүн **полиплоиддер** дейт. Кээде бир эле уруунун түрлөрүндө клеткадагы бирдей хромосомалар эселенип, полиплоиддиялык катарларды түзөгөн учур да кездешет. Мис., буудайлар уруусунда бир дандуулары — диплоиддерди (2*n*=14), катуу буудайлар — тетраплоиддерди (4*n*=28) түзсө, жумшак буудайлар — гексаплоиддерге (6*n*=42) кирет. П. буудайдан башка арпа, пахта, мөмө-жемиш ж. б. өсүмдүктөрдө көп жолугат. Полиплоиддүү өсүмдүктөрдүн клеткаларынын көлөмү, ядролору, органдары ири келип, кээде өсүмдүктүн бийик болуп өсүү касиетин берет.

Тажрыйбада полиплоиддик клеткалар колхицин алкалоидинин таасири м-н оңой алынат. Бул селекцияда кеңири колдонулууда. СССРде селекциялык изилдөөлөрдүн натыйжасында кант кызылча, кара буудай ж. б-нын баалуу полиплоиддүү сорттору алынган. Чанда клетканын хромосомаларынын санынын эселенбей көбөйгөн же азайган учуру байкалат, бул анеуплоидия деп аталат. Анеуплоиддүү клеткалар өөрчүү мезгилиндеги клетканын бөлүнүшүнүн бузулушунан келип чыгат да көбүнчө оорулуу организмди пайда кылат.

Ад.: Жуковский П. М., Эволюционные аспекты полиплоидии растений, «Природа», 1971, № 6; Карпеченко Г. Д., Избр. труды, М., 1971.

ПОЛИПРОПИЛЕН, $[-CH_2-CH(CH_3)-]_n$ — *пропилендин* термопласттуу полимери, түссүз кристалл. Эрүү t 172°С, тыгыз. 0,92—0,93 *г/см*³ (20°С). П. жылуулук, буу ж-а газды начар өткөрөт, жакшы диэлектрик. Жегичтерге, кислоталарга ж-а орг. эмес агрессивдүү чөйрөлөрүгө туруктуу келет да, кадимки темп-рада көп орг. эриткичтерде эрибейт. Азот, күкүрт к-таларынын таасиринен бузулат, жылуулукка ж-а жарыкка туруксуз. Оңондуктан П-ди өндүрүүдө чөйрөнүн таасиринен сактоо үчүн стабилизаторлор кошулат. П. мономерди эритме же масса түрүндө полимерлөөдөн алынат. Синтет. булаларды, куралжабдыктарды, машина тетиктерин, изоляциялык түтүктөрдү ж. б. жасоодо колдонулат.

ПОЛИПТЕР (гр. polýpus — көп буттуу) — деңиз түбүндө жашоочу ичеги көңдөйлүүлөрдүн жалпы аты. П-дин денеси цилиндр сымал, бийикт. бир нече *м*ден бир нече *см*ге (кээде 1 *м*) жетет. Тулкунун жог. бөлүгүндө тинтүүрлөр м-н курчалган оозу бар. П-дин нерв системасы начар өөрчүгөн, вегетатив ж-а жыныс жолу м-н көбөйөт, гомогенет формалары жыныс бездүү. Көпчүлүгү субстратка жабышып же колония куруп, тиричилик өткөзөт. Айрымдары (гидра, актиний) бир персеге жабышып жылат. Деңиздердеги майда омурткасыздарды тинтүүрлөрүнүн жардамы м-н карман жейт.

ПОЛИС — шаар-мамлекет, коомду социалдык-экон. ж-а саясий уюштуруунун байыркы Греция м-н Италияга мүнөздүү өзгөчө формасы. П. шаарды ж-а анын чет жакасын камтыган. Уруулук түзүлүштүн калдыктарына каршы күрөштүн жүрүшүндө пайда болуп, жер эээлигин алгачкы (античный) формасы болгон. П-те анын тең укуктуу граждандары (жер ээлөөчө), о. эле кол оноруучулук, соода м-н кесип кылган эркин адамдар да жашаган. П-тин мамл. аппараты тең укуктуу эркектер жыйынынан, советтен ж-а магистраттардан (ар кандай шайланма кызматкерлер) турган. П. олигархиялык (мис., Спарта) же демокр. (мис., Афины) болгон. Кул ээлик түзүлүштүн пайда болушу м-н П. мамлекеттин бир формасына айланган. Бирок жеке менчиктин өнүгүшүнөн П. кризиске учураган.

ПОЛИСАХАРИДДЕР — *углеводдор* классындагы ири молекулалуу бирикмелер. Гликозид байланыштуу моносахарид калдыктарынан турат. Мол. массасы бир нече миңден бир нече млн-го жетет. П-дин хим. касиеттери аны түзгөн моносахариддердин түзүлүшүнө негизделген. Бир эле моносахариддин калдыгынан турса гомополисахарид, эки же андан көп моносахариддин калдыгынан турса гетерополисахарид деп аталат. П-дин түз тизмектүү *(целлюлоза, амилоза* ж. б.), бутактанган тизмектүү (амилопектин, гликоген ж. б.) же шакекче тизмектүү түрлөрү бар. Түз тизмектүү П. сууда эрибейт, ал эми бутактанганы сууда жакшы эрийт. П. жегичтерге туруктуу, кислоталардын таасири м-н гидролизденет. Биол. ролу б-ча П. үч түргө бөлүнөт: таяныч (мис., целлюлоза, хитин), запастык (мис., *крахмал*, гликоген ж. б.) ж-а физиол. активдүү заттар (гепарин, кандагы П.). Эл чарбасында П-ден крахмал, целлюлоза кеңири пайдаланылат. П. түрдүү ачытуу иштеринде, жасалма булаларды ж-а плёнкаларды алууда, медицинада колдонулат.


Ад.: Стейси М., Баркер С. А., Углеводы живых тканей, пер. с англ., М., 1965.

ПОЛИСЕМИЯ *(поли...* ж-а гр. sema — белги дегенден) — бир катар илимдерде колдонулуучу түшүнүк (тер-

мин). Тил илиминде бир эле тил каражаттарынын (сөздөрдүн, сөз айкалыштарынын ж. б.) өз ара байланышы бар экендиги билинип турган бир нече маанинге ээ болушу, көп маанилүүлүгү П. деп аталат. Мис., баш деген сөз мындай маанилерди туюнтат: 1) адамдын, айбандын көз, мурун, ооз, кулак орношкон дене мүчөсү; 2) адамдын өзү, керт башы; 3) арпа, буудай сыяктуу эгиндердин дан байлаган уч жаккы болугү ж. б.

Тил каражаттарынын көп маанилүүлүгү ошол каражат аркылуу туюндурулган баштапкы маанинин өзгөрүүгө учурашынан ж-а онүгүшүнөн улам пайда болот. Анын чеги маанилердин өз ара байланышынын бар экендиги билинип турган учурына чейин созулат. Эгерде андай байланыш үзүлүп (жоюлуп) кетсе, П. катары эмес, *омоним* катары таанылат.

ПОЛИСПАСТ (гр. polýspastos — көп аркан же зым аркандар м-н тартылуучу) — бир нече кыймылдуу ж-а кыймылсыз блокторго зым аркан же трос откорулгон жүк көтөрүүчү түзүлүш. П. оор жүктөрдү көтөрүүгө ылайыкталган. Көтөрүлүүчү жүктүн салмагы бир нече зым аркандын тарамына бөлүштүрүлгөн. Зым аркандын саны блокторго жараша болуп-гондуктон аркандын күч келүүчү учуна салыштырмалуу азыраак күч туура келет. Күчтөн утуш алууга



1 — күч полиспасты; *2* — илдамдык полиспасты.

жараша П-та жүк көтөрүү ылдамдыгы азаят. П. жүк көтөрүүчү машиналарда жумуш аткаруучу орган катары, о. эле курулуш ж-а монтаж иштеринде өз алдынча колдонулат.

ПОЛИСТИРОЛ — *стиролдун* түз тизмектүү полимери, $[-CH_2-CH(C_6H_5)-]_n$ — айнек сымал тунук зат, тыгыз. 1,06 *г/см*³ (20°С), катуулануу t 93°С. П. диэлектрлик касиетке ээ, нымга чыдамдуу, жеңил боёлот, формага тез келет. Ароматтык углеводороддордо, кетон, эфир ж-а альдегиддерде эрийт. Бензин, керосинде кобот, суу, кислота, жегичтерге туруктуу, спирттерде эрибейт. Ө. ж-да стиролду полимерлөөдөн алынат. Кийинки учурда стиролду башка мономерлер м-н полимерлеп *сополимерлер* алынууда. П. ж-а анын сополимерлери электр изоляциялык материал, пенополистирол, үй-тиричилик буюмдары, телекөрсөткүч, радио кабылдагыч, муздаткычтын сырты, автомобилдердин тетиктерин ж. б-ны жасоодо көрөктөлөт.

ПОЛИСУЛЬФИДДЕР, к. *Сульфиддер*.

ПОЛИТЕИЗМ (*поли...* ж-а гр. theós — кудай) — көп кудайга сыйынуу. П. коом таптарга жиктеле баштаган тушта чыккан. П-де керемет дүйнө (сверхестественный мир) өз ысмы, өз кейип-кепшири, табиятта ж-а коомдо өзү башкарган аймагы ж-а азыр-конүү бийлиги бар кудайлардын иерархиясы катары көрсөтүлөт. П-дин түшүнүктөрү ж-а ритуалдары *монотеизмде* да кездешет. П. байыркы Египетке, Грецияга, Римге, о. эле азыркы Индияга, Японияга мүнөздүү.

ПОЛИТЕХНИКАЛЫК БИЛИМ (ТААЛИМ) БЕРҮҮ мектепте — коммунисттик тарбиянын маанилүү болугү. Ал мектепте окуучуларды теорияда ж-а иш жүзүндө азыркы өндүрүштүн негизги илт. принциптери ж-а өндүрүштүк карым-катнаштар м-н тааныштырат; эмгекке патыйкалуу тарбиялоого, эмгек ыкмаларын үйрөтүүгө, кесиптик багыт берүүгө, эмгек жолун туура тандап алууга негиз болот.


П. б. (т.) б. идеясын биринчи жолу К. Маркс ишке чыгып, В. И. Ленин өнүктүргөн. Марксизмдин негиздөөчүлөрү П. б. (т.) б. м-н эмгек социализм доорундагы тарбия системасына негиз болуп, телегейи тегиз өнүккөн адамды тарбиялоонун бирден бир каражаты катары кызмат кылат деп эсептешкен. Капитализм шартында П. б. (т.) б. өнүгүү жолуна түшпөйт. Анткени буржуазиянын максаты — бир жактуу адистештирилген кызматкерди даярдоо. В. И. Ленин П. б. (т.) б-ну тапсыз коомду түзүүнүн маанилүү куралы, жаштарды жаңы коомду курууга даярдоонун каражаты деп эсептеген. П. б. (т.) б. ж-дөгү В. И. Ленindин идеясы Н. К. Крупская, А. В. Луначарский, М. И. Калининдин эмгектеринде өркүндөтүлгөн. Акыл эмгеги м-н күч эмгегин биргелештирип, П. б. (т.) б. алгачкы жолу сов. мектептерде жүзөго ашырылган. Учурдагы өндүрүштүн илт. негиздери м-н окуучулардын таанышуусу илт. табигый дисциплинаны үйрөнүүдө өтөт. Өндүрүш мамилелер системасын үйрөнүүдө ж-а эмгекке тарбиялоодо гуманитардык циклдеги сабак алдыңкы ролду ээлейт. Өндүрүштүн илт. негиздери ж-а өндүрүш мамилелери м-н тааныштыруу, о. эле факультативдик сабактарда, ар кандай тех. ж-а тажрыйбалык ийримдерде, мектептен тышкаркы мекемелерде өтүлөт. Чөндөрдүн коомдук эмгектенүүсүнө окуучулардын катышуусу аларды эмгекке тарбиялоодо чечүүчү ролду ойнойт. Политехнизм принциби башка соц. өлкөлөрдө да орто мектептерде окуу-тарбия ишинин эң негизги принциптеринин бири.

ПОЛИТИЗДАТ, КПСС Борб. Комитетинин саясий ад-ттар басмасы — Сов. Союзунун борб. парт. басмасы. «Коммунист» парт. басмасы катары 1918-ж. Москвада негизделген. Политиздат болуп 1963-ж. уюшулган. П. марксизм-ленинизм классиктеринин чыг-ларын, Борб. Комитеттин съездердин м-н пленумдарынын материалдарын, парт. дагы башка документтерди, КПСС, бир тууган коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын жетекчилеринин докладдарын, сүйлөгөн сөздөрүн, ил. коммунизм, марксттик-лениндик философия, саясий экономия, КПСС тарыхы, парт. курулуш, ил. атеизм, СССРдин тышкы саясаты, дүйн. рев-йлык процесс б-ча илимий, ил. популярдуу ж-а окуу ад-ттарын, о. эле көркөм, документ ад-ттар, календарлар чыгарат. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган (1970).

«ПОЛИТИЧЕСКОЕ САМООБРАЗОВАНИЕ» — КПСС БКнын ай сайын чыгуучу журналы. 1957-жылдан (1960-ж. январга чейин — «В помощь политическому самообразованию») чыгат. Журналда теориялык макалалар, окуу-методикалык консультациялар, В. И. Ленindин идеялык мурастары, КПССтин ж-а Совет мамлекетинин ички ж-а тышкы саясаты, коммунисттик, жумушчу ж-а улуттук-бошт. кыймылы, социализмдин дүйн. системасынын онүгүшүнө арналган теориялык макалалар, окуу методикалык консультациялар ж-а ил. коммунизмдин актуалдуу проблемалары, окуучулардын суроолоруна жооптор жарыяланып турат. Парт. агартуунун ж-а идеол. иштин тажрыйбасын чагылдырат, коомдук-саясий ад-ттарды рецензиялайт ж-а аннотациялайт. «П. с.» пропагандисттер м-н парт. агартуу системасындагы мектептердин ж-а уп-ттердин угуучуларына, парт. ж-а ил. кызматтагы лекторлорго, докладчыларга, жог. ж-а орто окуу жайларынын мугалимдерине, марксизм-ленинизмди өз алдынча үйрөнүүчүлөрө арналган. Тиражы 2 350 000 (1978).

ПОЛИТРОПА ПРОЦЕССИ — физ. системанын жылуулук сыйымдуулугу өзгөрбөстөн абалынын өзгөрүшү. Мис., П. п. $pV^n = const$ тендемеси м-н аныкталуучу идеалдуу газ абалынын кайталанма термодинамикалык процесси. Мында p — басым, V — газдын көлөмү, $n = \frac{C-C_p}{C-C_v}$ — политропанын көрсөткүчү; C — жылуулук сыйымдуулук, C_p ж-а C_v — газдын басымы ж-а көлөмү туруктуу кезиндеги жылуулук сыйымдуулуктары. П. п. жылуулук техникасында жылуулук кыймылдаткычтарынын жумуш аткаруу циклдерин изилдөөдө колдонулат.

ПОЛИТЦЕНТР, саясий борбор — 1919-ж. 12-ноябрда Колчакчылар кыймылы мезгилинде Иркутскиде түзүлгөн эсер-меньшевикчил уюм. Кызыл Армия Омскини алгандан кийин (1919, ноябрь) Колчак өкмөтү Иркутскиге качып барганда П. Уюмдаштыруу чогулушунун туусу м-н төңкө-



Польша макаласына. **1.** Өлкөнүн түн.-чыгышындагы Сувалки ш-нын айланасындагы ландшафт. **2.** Польшанын түштүгүндө тоо арасындагы Подгале чөңкүрдүгү. **3.** Кркоңоше тоосунун үбөлөнүү процессинин натыйжасында пайда болгон формасы. **4.** «Котово» мамл. чарбасында түшүм жыйноо. **5.** Краков ш. В. И. Ленин атн. металлургия заводу. **6.** Лодзь ш. **7.** Вроцлав ш. **8.** Варшава ш-нын борб. бөлүгүнүн жалпы көрүнүшү.



Польша макаласына. 1. Краковдогу ыйык Крест костёлу. 14—16-к. 2. Вроцлавдагы ыйык Вайцех доминикан костёлунун батыш жак фасады. 15-к. 3. Вит Стош. Краковдогу Дева Мария костёлундагы алтардын бир деталы («Мариянын вадагы «Варшава» мейманканасы. 1933. 6. М. Лейкам. Познандагы универмаг. 1952. 7. «Коженнойдогу кыйноо» (деталь). 15-к-дын 2-чейреги. 8. В. Шымановский. Ф. Шопендин эстелиги. 1907—26. Варшава. 9. К. Дуниковский. Адам Мицкевич. 1932. 10. «Театр Народовы» театрындагы спектаклден бир көрүнүш. 1962. Варшава.

рүш даярдаган. 1919-ж. 19-декабрда П-дин жетекчилиги м-н Черемхово станциясында, ал эми 25-декабрда РКП(б)нин Иркутск комитетинин жетекчилиги м-н Иркутскиде которулуш башталган. Бул которулушту өз кызыкчылыгына пайдаланган П. бийликти алгандыгы ж-дө 1920-ж. 6-январда манифест жарыялаган. Анда адмирал А. В. Колчак ж-а аны жактоочулар элдин душманы деп жарыяланып, бийлик шаардык думага ж-а земство чогулушуна өткөн. Сов. аскерлердин чабуулун токтотуу ж-а бул райондо эсер-меньшевиктик бийликти бекемдөө үчүн П. Кызыл Армия м-н Байкал боюнда «буфердик мамлекетти» түзүү ж-дө сүйлөшүүлөр жүргүзгөн. Бирок Иркутскиде рев-ячыл күчтердин күчтөнүшү м-н П-дин бедели түшкөн. 1920-ж. 20-январда түзүлгөн Убактылуу рев-ячыл комитет шаардагы бийликти колго алган. 23-январда П. таратылган.

ПОЛИУРЕТАНДАР — макромолекуланын негизги тизмегинде уретан топтору — NH—CO—O — бар *полимерлер*. Алардын каспеттери *полиамиддерге* окшош. П. демейде ди- же полизоцианаттардын суутектин активдүү атому бар бирикмелер м-н поликонденсациясынан алынат. Ал кислота, минерал ж-а орг. май, бензин, кычкылданткычтарга туруктуу; гидролиздик туруктуулугу б-ча полиамиддерден жогору. П. кобук (пенопласттар), каучук *(уретан каучугу)*, була, лак, желим ж. б. түрүндө, о. эле электр ж-а радиотехникада, курулушта ж. б-да кеңири колдонулат.

ПОЛИФАГИЯ *(поли...* ж-а гр. phagéin — жутуу) — 1) кишинин тамакты өлчөмсүз керектеши. Ал соо кишинин организми белок м-н энергияны өтө көп талап кылуусунан (мис., узакка ачка болуудан, оор кара жумуш аткарганда, инфекциялык оорулардан кийин) же кээ бир ооруларда (кант диабети, невроз, кем акылдык ж. б.) болот. 2) П. же түрдүү азыктануу (зоол.) — айбанаттардын түрдүү жаныбар ж-а өсүмдүктөр м-н азыктануусу.

ПОЛИФОНИЯ *(поли...* ж-а гр. phōnē — добуш, үн) — музыканын көп добуштуу түрү, бир нече добуштун кошулуп үн чыгарышы. П. өзүн жараткан добуштардын тең барабар угулушунан пайда болот. П-га маанилеш термин — контрапункт. Ырчылар же аспаптар добуштарынын биригишинин (айкалышын), ал добуштардын чогуу угулушун жонго салуучу гармония закондоруна баш иет. П. гомофониялык-гармониялык көп үндүүлүктөн (добуштуулуктан) айырмаланат (к. *Гомофония*). П. чыгармада кеңири өөрчүтүлүүчү эркин обондук-линеардык добуштардын биригишинен куралат. П-дагы добуштардын обондук-тематикалык мазмунуна жараша: кошумча добуштуу П., имитациялык (туурөөчу) П. ж-а карама-каршы добуштуу П. деп болүнөт. 12—13-к-дан П-нын формалары (фуга, фугетта, канон, хорал, пассакалья) кыйла өзгөрүлгөн. П. орус, украин, грузин эл чыг-лыктарында көп кездешет. П-ны музыкада колдонуп, анын формаларын оркундоткон композиторлор: Ж. Палестрина, И. Бах, Г. Гендель. Кийин В. А. Моцарт, Л. Бетховен, М. И. Глинка П-нын классикалык үлгүлөрүн жаратышкан. 20-к-да П-ны кеңири пайдаланган композиторлор: И. Ф. Стравинский, Н. Я. Мясковский, С. С. Прокофьев, Д. Д. Шостакович ж. б. Кыргыз музыкасында П-лык көрүнүштөр (М. Абдраев, К. Молдобасанов, Н. Давлесов) Окт. рев-ясынан кийин кеңири өөрчүй баштаган.

ПОЛИФОРМАЛЬДЕГИД, $[-CH_2O-]_n$ — *формальдегид*дин туз полимери; жеңекей полиэфирлердин өкүлү; ак кристалл зат, эрүү t 164—180°С, тыгыз. 1,43 *г/см*³. П. катуулугу, бышыктыгы нымга туруктуулугу м-н мүнөздөлөт. Аны 200°Сден жогору ысытканда формальдегидге ажырайт. Күчтүү кислоталардын таасприпен бузулат. Ө. ж-да формальдегиддин суудагы эритмесинпен катализатордун катышуусу м-н полимерленип алынат. П. пресстөө, басым алдында кууу жолдору м-н түтүктөрдү, конструкциялык материалдарды, машинанын түрдүү тетиктерин, булаларды ж. б. даярдоодо колдонулат.

ПОЛИХРОМИЯ *(поли...* ж-а гр. chrōma — түс, өң) — арх-ра, скульптура ж-а жасалга-колдонмо өнөрүнүн чыларындагы көп түстүүлүк. П-га көп түстүү заттар же боёктор аркылуу жетишүүгө болот.

ПОЛИЦЕНТРИЗМ *(поли...* ж-а лат. centrum — борбор) — азыркы типтеги адамдын (неоантроп) Жер шарынын бир нече аймагында келип чыгышы ж-дөгү көз караш. П-ди жактоочулардын ою б-ча азыркы адам ал аймактардын ар биринде жашаган архантроптордун, кийин палеоантроптордун өз алдынча эволюциясы натыйжасында конкреттүү чоң раса (европеоид, негроид, монголоид ж. б.) түрүндө пайда болгон. П. дүйнөнүн көпчүлүк антропологдору жактаган кеңири моноцентризм (азыркы типтеги адамдын бир жерден чыгышы) теориясына каршы келет.

Ад.: Рогинский Я. Я., Теории моноцентризма и полицентризма в проблеме происхождения современного человека и его рас, [М.], 1949.

ПОЛИЦИЯ (гр. politéia — мамлекетти башкаруу, администрация) — эксплуататордук түзүлүштүү мамлекеттердеги көзөмөлдөө, мажбурлоо органдарынын өзгөчө системасы, о. эле мамлекет ичиндеги жазалоочу аскер. П. учурдагы коомдук түзүлүштү ачыктан ачык коргоп, ага түз же кыйыр каршы чыккандарды басмырлайт. К. Маркс П-ны мамлекеттин алгачкы белгилеринин бири деп эсептеген. О. кылымда, асыресе абсолютизм тушунда П. өзгөчө мааниге ээ болгон. Капитализм учурунда П. буржуазиянын тирегине, эмгекчилерге кас органга айланган. Азыркы бурж. мамлекеттерде жалпы ж-а саясий П-нын ролунда, иш ыкмасындагы айырмачылык админ. мүнөздө болот. Рев-ялык жумушчу кыймылынын, эмгекчилерди эзүүгө каршы прогрессчил күчтөрдүн күрөшүнүн өсүшү м-н П. аппараты да кеңейе берет. Падышалык Россияда атайын П. органдары 1718-ж. түзүлгөн.

ПОЛИЭЛЕКТРОЛИТТЕР — эритмеде иондорго ажыроочу топтору бар ири молекулалуу полимерлер. Алардын катарына биол. полимерлер — *белоктор, нуклеин кислоталары* кирет. П. кислоталык (сульфо, карбоксил, фосфаттык ж. б.) ж-а негиздик калдыктары (амин ж. б.) м-н мүнөздөлөт. Ири мол. структурада ар кандай каспеттерге ээ топтордун болушу кичине молекулалуу электролиттерден өзгөчөлөнүп, электролиттик теорияга баш ийбейт. П-дин молекулаларындагы кислоталык ж-а негиздик топтор эритмеде карама-каршы заряддуу болүкчөлөрдү көп санда топтойт. Бирок пайда болгон иондук булутчалардын өз ара түртүшүүсүнүн патыйжасында алардын мейкиндик түзүлүштөрү башка абалга өтөт. П. полианиондук (полиакрил, полиметакрил к-талары ж-а туздары ж. б.), поликатиондук (полиакриламид, полиметакриламид ж. б.) ж-а амфотердик (желатин, гидролизденген полиакриламид ж. б.) болуп бөлүнөт.

ПОЛИЭТИЛЕН, $(-CH_2-CH_2-)_n$ — ак түстөгү термопластикалык полимер. П-ди өндүрүштө төмөнкү, орт. ж-а жог. басымда этиленди *полимерлөө* м-н алат. Анын структурасы ж-а каспети алынып жолуна байланыштуу. Ал эң жакшы электр өткөрбөөчү каспетке ээ. Орг., концентрацияланган туз ж-а плавик к-таларга ж-а жегичтерге туруктуу; хлор, фтор ж-а азот к-тасынын таасприпен бузулат, алифат ж-а ароматтык углеводороддордо эрийт. П-ден агрессиячыл чөйрөдө керектелүүчү тех. тетиктер, изоляция материалдары ж. б-лар алынат.

ПОЛИЭФИРЛЕР — макромолекуласынын негизги тизмегинде жеңекей (жөпөкөй П.) же татаал (татаал П.) эфирлердин функциялык топтору бар полимерлер. П. каныккан ж-а каныкпаган болуп бөлүнөт. Жөпөкөй П. олефиндердин кычкылдарын, кумурска альдегидин полимерлөөдөн, эки атомдуу спирттерден суунуу бөлүүдөн, ал эми татаал П. көп негиздүү кислоталар м-н көп атомдуу спирттердин поликонденсациясынан, каныкпаган татаал эфирлерди полимерлөөдөн алынат. Алардын каспеттери мол. массасына, түзүлүшүнө, хим. составына ж-а функциялык топторуна (—ОН ж-а —СООН) байланыштуу. П. синтет. була, чайыр, желим, лак, пластмасса алууда, о. эле тех. тетиктерди жасоодо колдонулат.

ПОЛИЭФИР ЧАЙЫРЛАРЫ — каныкпаган *олигомерлер* (мис., полималеинаттар ж-а олигоэфир акрилаттар). Алар инертүүү эритмедо малеин к-тасы жо анын ангидриди м-н гликолдон (полималеинаттар), каныкпаган монокарбон к-тасы, гликоль ж-а дикарбон к-тасынан (олигоэфир акрилаттар) алынат. *Гликолдор* катары этилен-, диэтилен-, триэтилен- ж-а 1, 2-пропилентгликолдор колдонулат. Дикарбон к-талары катары *адипин кислотасы*, фталь, изофталь ж. б. к-талар пайдаланылат. П. ч. айнек пластикаларды жабыштыруучу зат катары, о. эле лак, боёк материалдарын даярдоодо, галантереялык буюмдарды ж. б. алууда колдонулат.

ПОЛК — куралдуу күчтөрдүн бардык түрүндо болуучу аскердик бөлүк. Аткычтар, жоо аскерлер, атчандар, артилл., авиац., танкалык ж. б. П-тор бар. Ар бир П-тун штабы, бир нече батальону, согуштук, материалдык ж-а тех. жактан камсыздоочу бөлүкчөлөрү болот. Эреже б-ча П-тор дивизия, бригада сыяктуу бириккелердин составына кирет. П-тор 16—17-к-да пайда болуп, 18—19-к-да түзүлүшү бир нече жолу өзгөрүлгөн. 19-к-дын аягында — 20-к-дын башында бардык П-тор бирдей түзүлүп, биринчи дүйн. согушка чейин сакталган. Экинчи дүйн. согуштун алдында ж-а убагында танкалык, механикалаштырылган, авиац., аба десанттык ж. б. П-тор пайда болуп, жоо аскерлер П-уна 3—4 батальон, артилл., миномёттук ж. б. бөлүкчөлөр кирген.

ПОЛКОВНИК — СССРдин ж-а көп бир башка мамлекеттердин куралдуу күчтөрүндөгү офицердик наам. СССРде 1935-ж. 22-сентябрда (Россияда биринчи жолу 16-к-да) киргизилген. АДФте П.— биринчи рангадагы капитан. ГФР м-н ГДРде П. Oberst, ал эми Францияда, Улуу Британияда ж-а АКШда colonel деп аталат, к. *Аскердик наамдар*.

ПОЛКОВНИКОВА Раиса Степановна (6. 8. 1907-ж. т., Пенза ш.) — сов. микробиолог, вет. илимд. доктору (1958), проф. (1969), Кыргыз ССРинин илимге эмг. сиң. ишмери (1975). Кыргыз ССРинин эмг. сиң. вет. врачы (1947). 1932-ж. Саратов вооовет. ин-тун бүтүргөн. 1932—40-ж. Бүткүл союздук кой чарба ж-а Өзб-н вет. пл. из. ин-тунда иштеген. 1940-жылдан Кырг-н мал чарба ж-а вет. пл. из. ин-тунда куш оорусун изилдоо лабор-ясынын башчысы. Малдын ж-а куштардын жугуштуу илаңдары б-ча 60тан ашык пл. эмгектин автору. 1952-ж. эчкинин кара өпкө илаңына каршы жог. патыйжалуу ж-а залалсыз гидро-окись-амолиндүү формалвакцинаны даярдоо ыкмасын иштеп чыкканы үчүн СССР мамл. сыйлыгы ыйгарылган. Бир нече пл. кызматкер даярдаган. Кыргыз ССР ИАнын вет. микробиология, вирусология ж-а эпизоотология б-ча адистер советинин мүчөсү. Медалдар м-н сыйланган.

ПОЛЛИТ Гарри (22. 11. 1890, Манчестерге жакын, Дройлсден — 26. 6. 1960) — англ. ж-а эл аралык жумушчу кыймылынын ишмери. Жумушчунун үй-бүлосүнөн. Жашынан жумушчу кыймылына катышып, 1906-ж. Коз карандысыз жумушчу партиясына кирген. 1912-жылдан Британия соц. партиясынын мүчөсү. Биринчи дүйн. согушка (1914—18) каршы пропаганда жүргүзүп, Саутхемптондогу кеме куруучулардын козголоңуна жетекчилик кылган. Антисов. интервенцияга каршы «Россиядан колуңду тарт» деген кыймылды, Улуу Британия компартиясын (1920) уюштуруучулардын бири. 1922-жылдан БКнын ж-а анын Саясий бюросунун мүчөсү. 1924—29-ж. оңчул тред-юниондук ж-а лейбористтик башчылардын реформачыл саясатына каршы чыккан «Азчылык кыймылынын» ген. секретары. Рев-йлык иши үчүн 1925-ж. түрмого камалган. Коминтерндин 3, 5—7-конгрессине катышкан. 1929—56-ж. Компартиянын ген. секретары, 1956—60-ж. Аткомунун пред-ли. СССРде бир нече ирет болгон. Австралиядан Британияга баратып жолдо өлгөн. П. Улуу Британия компартиясынын программасынын авторлорунун бири, о. эле коммунисттик ж-а жумушчу кыймылынын теориялык ж-а практикалык маселелери б-ча эмгектер жазган.

Чыг.: Избр. статьи и речи, т. 1, М., 1955; Годы политического ученичества, М., 1960; Марксизм и рабочее движение в Великобритании, М., 1960.

Ад.: Матковский Н. В., Верный сын английского рабочего класса, М., 1970.

ПОЛЛУЦИТ, поллукс (байыркы грек мифиндеги эгиз баатырдын бири — Поллукстун ысмынан) — суулуу алюмосиликаттар классындагы минерал. Хим. формуласы (Cs, Na) $[AlSi_2O_6]_n \cdot H_2O$. *Куб системасында* кристалданат. Өңү ак, түссүз, тунук, кээде ачык кызыл. Сыртқы көрүнүшү кварцка окшош. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 6,5. Тыгыздыгы 2860—2900 *кг/м*^{3}. Гранит пегматитиндо башка минералдар м-н бирге кездешет. П.— цезий ж-а анын тузу алынуучу негизги минерал.

ПОЛО Марко (болжол м-н 1254, Венеция — 8. 1. 1324, ошол эле жер) — италиялык саякатчы ж-а жазуучу. 1271—75-ж. деңиз аркылуу К. Азияга барган. Андан Түн. Кытайга (Армян боксо тоосу, Месопотамия, Иран тайпак тоосу, Памир, Кашкар аркылуу) келген. Кытайдын көп аймактарында болуп, 1295-ж. Түш. Кытайдан Венецияга деңиз м-н кайткан. Айрым маалыматтар б-ча ал Генуя м-н болгон согушка катышып, 1297-ж. туткунга түшкөн. Жасаган саякаты ж-догу анын кызыктуу ангемелерин Рустичано (түрмодогу болок туткун) жазып, ошонун негизинде «Марко Полонун китеби» (1298) түзүлгөн. Бул китепте Армения, Грузия, Иран, Кытай, Монголия, Индия, Индонезия ж. б. өлкөлөрдүн географиясы, этнографиясы, тарыхы ж-дө баалуу маалыматтар болгон, о. эле ошол ырымжырымдар, уламыштар, жомоктор жазылган. Европ. башка тилдерге которулган бул китеп 14—16-к-дагы саякатчыларга, картографтарга, жазуучуларга чоң таасир тийгизген.

ПОЛОНЕЗ (фр. polonais — полякча) — 1) салтанаттуу бал бийи. Муз. чеңеми $^3/_4$. 16-к-дан Франция ж. б. өлкөлөрдо сарай бийи катары аткарылган. Анын улгүлөрү И. Бах, В. Моцарт, Л. Бетховен, Ф. Шуберт, Ф. Шопендин чыг-ларында арбын кездешет. П-ди М. Огиньский, О. Козловский, Л. Ружицкий ж. б. жазып, М. Глинка, П. Чайковский, Н. Римский-Корсаковдор операларында пайдаланышкан; 2) салтанаттуу аспап-хордук ырбий.

ПОЛОНИЙ (лат. Polonium), Po — Менделеевдин мезгилдик системасынын VI тобундагы радиоактивдүү хим. элемент, ат. н. 84. П-ди М. Склодовская-Кюри ж-а П. Кюри 1898-ж. ачкан. Массалык саны 194—218 болгон радиоактивдүү 25 изотобу белгилүү. Туруктуурагы — ^{209}Po. Табиятта кезигүүчү 7 изотобунун туруктуурагы — ^{210}Po. П.— сейрек элемент; жер кыртышында $2 \cdot 10^{-15}$%. П. уран рудаларынан ж-а жасалма түрдө нейтрондор м-н висмуттун ядролук реакциясынан синтезделип алынат (*мз* санда). Ал — эркин абалда жумшак, кумуштай ак металл, тыгыз. 9,3 *г/см*^{3}, эрүү t 254°С, кайноо t 1162°С. Хим. касиети б-ча *теллурга* окшош. Анын PoO, PoO_2 ж-а PoO_3 кычкылдары белгилүү, эритмелерде PoO_4^{2-}, PoO_3^{2-} ж. б. иондору болот. П-дин тетрагалогениддери, түрдүү сульфаттары синтезделген. Айрым изотобу (^{210}Po) нейтрон булактарында пайдаланылат. Полоний-210 (^{210}Po) — табигый радиоактивдүү чогундулөрдүн кадимки компоненти.

ПОЛОТОВ Тойчу (1907-ж. т., азыркы Ош обл., Кара-Суу р-ну, Баш-Булак кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1958). 1960-жылдан КПСС мүчөсү. 1943-жылдан «Катта-Талдык» асыл тукум з-дунда бап чабан. 1957-ж. ар жүз тубар койдон 125 козу, ар биринен 4,9 *кг* жүн алган. Кыргыз ССР Жог. Советинин (5—6-шайл.) депутаты. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ПОЛТАВА — УССРдеги Полтава облынын борбору, шаар. Ворскла д-нын жээгинде. Т. ж. тоому. Калкы 279 миң (1979). Машина куруу ж-а металл иштетүү (о. ж-ндагы дүң продукциянын 41,2%ин берет; тепловоз, турбина мех., автоагрегат, электр мех., хим. машина ж. б. з-ддор), тамак-аш (о. ж-ндагы дүң продукциянын 34,4%ин берет; эт, май комбинаттары ж. б.) ж-а жеңил о. ж. өнүккөн. Жыгач иштетүү, полигр. ишканалары иштейт. Айнек ж-а картон буюмдар чыгарат. 5 жог., 11 атайын орто окуу жайы, УССР ИАнын Гравиметрия обсерваториясы иштейт. Муз.-драма, куурчак театрлары, филармония, 6 музей бар. Шаар 1174-жылдан «Лтапа», 1430-жылдан азыркы аты м-н белгилүү.

ПОЛТАВА ОБЛАСТЫ УССРде, 1937-ж. 22-сентябрда уюшулган. Аянты 28,8 миң *км*^{2}. Калкы 1741 миң (1979). 25 район, 15 шаар, 20 ш. т. посёлка бар. Борбору — Полтава ш. Область Ленин ордени м-н сыйланган (1967).

П. о. Днепр д-ныи сол жээгинде. Жери түзоң. Климаты континенттик. Январдын орт. темп-расы —5,5°С... —7,6°С, июлдуку 20—21,7°С. Жылдык жаан-чачыны 430—570 *мм*. Кыртышы кара (70%), солод ж-а күл топурактуу. Ири дарыялары: Днепр ж-а анын куймалары — Сула, Псел, Ворскла. Жериниң 7,5% токой. Айбанаттары: багыш, элик, доңуз, карышкыр; капаттуулардан: буркут, тоодак, турна, ордок, каз ж. б.

Калкы негизинен украиндер (91,3%, 1970). Шаар калкы 50%. Ири шаарлары: Полтава, Кременчуг, Миргород, Пирятин, Лубны, Хорол ж. б. Ө. ж-ныи негизги тармагы машина куруу, металл иштетүү, тамак-аш, жеңил ж-а жыгач иштетүү. Нефть, газ ж-а темир кендериниң ачылышына байланыштуу о. ж. тармактары өнүккөн. Негизги о. ж. ишканалары Полтава (тепловоз ремонттоо, турбина-мех., «Химмаш» ж. б. з-ддор), Кременчуг (автомобиль, вагон куруу, жол машина), Лубны (станок ж-а машина куруу, эсеп машиналары), Карловка (тамак-аш үчүн жабдуу) шаарларында жайгашкан. Химия о. ж. ишканалары иштейт. Жасалма алмаз ж-а алмаз аспаптарын чыгарат. Кременчугда тоо-кен байытуу комбинаты курулган. Тамак-аш (эт, кант, сүт, жемиш-консерва, май, спирт, тамеки) о. ж. алдыңкы орунду ээлейт. Жеңил о. ж-нан кебезден жин ийрүү, трикотаж, бут кийим, тигүү маанилүү орунда. Мебель ж-а үй куруу комбинаттары, курулуш материалдар ишканалары бар. Областтын аймагынын 2 226 миң *га*сы а. ч-га жарактуу. Анын 84,7% айдоо, 13,6% жайыт ж-а чабынды. Айдоо жерлерге күздүк буудай, жүгөрү, кара буудай, тех. өсүмдүктөрдөн кант кызылча, күн карама ж. б. өгилет.

УССРдеги дары өсүмдүктөрүнүн (валерианка, ромашка) 14% өстүрүлөт. 1978-ж. 1259,1 миң үй (сааны 445,6 миң), 1267,0 миң чочко, 374,2 миң кой, эчки болгон. Автомобиль жолунун уз. 7,6 миң *км*, т. ж.— 853,3 *км* (1977). Шебелинка—Кременчуг—Одесса (газ), Кременчуг — Херсон (нефть) жүргүчтөрү өтөт. 1977—78-окуу жылында 1049 мектеп, 37 адистик, 29 атайын орто, 5 жог. окуу жайы болгон. Кременчуг ш-нда Харьков автомобиль-жол ин-тунун жалпы тех. ф-тети бар. Бир нече пл. из. ин-ттары, 1122 китепкана, 14 музей, 2 театр, филармония иштейт. 1977-ж. 20,8 миң орундуу 188 ооруканада 4,7 миң врач иштеген. Обл. «Зоря Полтавщини» (1917-жылдан), «Комсомолець Полтавщини» (1938) газеталары чыгат.

Ад.: Украина, М., 1969 (серия «Советский Союз»).

ПОЛТАВКА—Москва р-пундагы Полтавка айыл советине караштуу кыштак. «Коминтерн» к-зунун аймагында. Райондун борбору Беловодскийден 9 *км* батыш таранта, Кара-Балта т. ж. станциясынан 10 *км*. Калкы 3645 (1976). Орто мектеп, клуб, үй-тиричилик комбинатынын бөлүмдөрү, китепкана, оорукана бар. Улуу Ата Мек. согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.



Т. Полотов.




Н. Ф. Полынцева-Дурыкина

ПОЛЫНЦЕВА-ДУРЫКИНА Нина Федоровна (25. 8. 1928-ж. т., Омский обл., Муромцев р-ну, Медвежье кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1948). Эмгек жолун 1943-ж. Кант р-пундагы Фрунзе атн. с-здо кызылчачы болуп иштөөдөн баштаган. 1944-жылдан «Красная Заря» к-зунда звено башчы. Ал башкарган звено 2 *га* жердин гектарынан 830 *ц* кант кызылча алган (1947). Кийин бакма канаттуулар фермасынын башчысы. Ленин ордени жана медалдар менен сыйланган.

ПОЛЬКА — чехтердин элдик байыркы бийи. Муз. чеңеми $^2/_4$. Эки-экиден болуп, айланып бийлешет. Кадимки жеңекей формасында 19-к-дын башында Словакия, Сербия, Венгрия, Австрияда кеңири тараган. 19-к-дын 40-жылдарынан бүт Европа б-ча бал бийи катары белгилүү. П. муз. жанрын Б. Сметана, А. Рубинштейн, М. Балакирев, С. Рахманинов ж. б. комп-лор оз чыг-ларында пайдаланышкан.

ПОЛЬША, Поляк Эл Республикасы (ПЭР) — Борб. Европадагы соц. мамлекет. Висла ж-а Одра д-ларынын алаптарында жайгашкан. Түндүгүнөн Балтика деңизи, түштүгүнөн Карпат, Судет тоолору, батышынан ГДР, түш.-батышынан ж-а түштүгүнөн Чехосл-я, чыгышынан СССР м-н чектешет. Аянты 312,7 миң *км*^{2}. Калкы 34,9 млн (1977). Борбору — Варшава ш. (калкы 1,5 млн. 1976). П. админ. жактан 49 воеводуккa бөлүнөт.




Мамлекеттик түзүлүшү. П.—соц. мамлекет, элдик респ-ка. Азыркы конституциясы 1952-ж. 22-июлда кабыл алынган. 1976-ж. 10-февралда ага өзгөртүүлөр ж-а толуктоолор киргизилген. Мамл. бийликтин ж-а закон чыгаруучу жог. органы—бир палаталуу сейм. Сейм өзүнүн биринчи заседаниесинде депутаттардын ичинен туруктуу ж-а мамлекет башчысынын кызматын аткаруучу органды—Мамл. советти шайлайт. П-ныи жог. башкаруу ж-а тескөө органы—өкмөт (Мин. Совети). Аны сейм дайындайт. Мамл. бийликтин жерг. органы — Эл советтери. Анын жетекчи органы — президиум. Президиумдун пред-лдери — эреже катары ПБЖПнин тийиштүү комитеттеринин биринчи секретарлары. Сот системасына Жог., воеводуук, повяттык, шаардык, атайын соттор кирет. Прокуратураны Мамл. совет дайындаган ген. прокурор жетектейт. Мамл. гербин ж-а мамл. желегин к. *Мамлекеттик герб, Мамлекеттик желек* макалаларынын таблицасынан.

Табияты. Аймагынын көп бөлүгү Чыгыш Европа платформасында жайгашкан. Жериниң 90% түздүк. Балтика деңизинин жээги жапыз, кумдуу, дюналуу келет. Өлкөнүн түндүгүндө жээк бойлой аккумуляция түздүгү, андан түштүгүроок бийик. 329 *мге* чейинки дөңсөөлөр (Балтика жалчасы) жатат. Борб. бөлүгүн Улуу Польша, Мазовецка, Подлясти ойдуңдары, түштүктү карай Силезия, Малополь, Люблин (бийик. 300—600 *м*)

1. Батыш Татра тоолору. 2. Сола д-ндагы «Пробка» электр станциясы.







доцсөөлөрү ээлейт. Түш. чек арасында Судет ж-а Карпат тоо кыркалары созулуп жатат (эң бийик жери 2499 *м* — Рысы тоосу). Кеп байлыктары: таш ж-а күрөң көмүр, газ, нефть, томир, жез, цинк, коргошун, калий туздары, күкүрт ж. б. Климаты мелүүн, океандык климаттан континенттикке өтөт. Жыл бою батыштан нымдуу ж-а жылуу аба массалары келет. Январдын орт. темп-расы — 1° ... —6°С (жээктердө ж-а батышында), —3°С (борб. бөлүгүндө), —6°С (тоолордо), июлдуку 16—17°С (түш.), 18—19°С (борб. бөлүгүндө), 10—14°С (тоолордо). Жылдык жаан-чачыны 500—1800 *мм*. Суулары Балтика деңизинин алабына кирет. Ири дарыялары — Висла, Одра; Висланын башкы куймалары: Дунаец, Сан, Буг, Пилица; Одраныкы — Ныса-Лужицка, Варта. 9000ден ашык көлү бар. Ирилери: Спирдыу, Мамры. Минералдуу булактары көп. П-ның аймагынын көбү айдоо. Аймагының 27% токой (мырза карагай, карагай, эмен, бук, кок карагай) ээлейт. Түздүктөрдө чым көң-күл ж-а саргыч-күл, чыгыш, түн. чыгышында саадак, боксо тоолордо күрөң, тоо этектеринде кара, тоолордо күрөң топурак кездешет. Жаныбарлары: карышкыр, сүлөөсүн, түлкү, кашкулак, аюу, элик, каман, буга, каракур ж. б. Сууларында треска, салака, судак, чортон ж. б. бар. 13 улуттук парктары бар.

Калкы. Элинин 98% поляктар. Украин, белорус, словак, цыган, еврей, орус, литвалыктар да жашайт. Динге ишенгендери — католиктер. Эмгекке жарамдуу калкы 62%. Орт. жышт. 1 км²ге 111 киши (1977). Шаар калкы 54%. Ири шаарлары: Варшава, Гданьск, Краков, Гдыня, Щецин, Быдгощ, Люблин, Катовице.

Тарыхы. Адам П. жериңде палеолит доорунан жашаган. 7—10-кылда П-да феод. мамиле орнош, дыйканчылык өнүгө баштаган. Дыйканчылыкта үч талаалуу системанын таралышы, кол өнөрчүлүк м-н сооданын өнүгүшүнүн натыйжасында эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулашы 11—13-к-дын 2-жарымында феод. мамилени күчөткөн. Көп шаарлар (Краков, П. мамлекетинин 11—16-к-дагы борбору; Познань, Гнезно, Вроцлав ж. б.) соода м-н кол өнөрчүлүктүн борборуна айланган. 13-к-дын аягында П. феодалдары тышкы душмандан чочулашып, өлкөнү бириктирүү үчүн күрөшкөн. Бирок алардын планы жүзөгө ашкан эмес. П-да сословиелик

Сейм заседаниеси. 1922-жылдагы гравюра.





Варшавадагы 1-май митингиси. 1925.

монархия калыптанган. Анын тышкы саясаты 14-к-дагы күчтүү феод. герман агрессиясына сокку уруугa ж-а ал басып алган жерлерди кайтарып алууга багытталган. *Тевтон ордениие* каршы күрөштө Литва улуу княздыгы м-н түзүлгөн (1385) унпп П-ның нйгилнкке ээ болушунда зор роль ойноп, поляк магнаттары украин м-н белорус элдерин өзүү мүмкүндүгүнө ээ болгон. 14—15-к-да бирдиктүү П. мамлекетинин түзүлүшү мад-ттык жогорулашына ж-а поляк тилиндеги ад-ттын өнүгүшүнө жардам берген. 15-к-дын 1-жарымында П-ның Краковдогу Ягеллон университ ил. борборго айланган (1364-ж. негизделген).

16-к-дын 2-жарымында П-ның тышкы саясаты Чыгышка — украин, белорус ж-а орус жерлерин басып алууга багытталган. Литванын Ливон согушунан (1558—83) начарлашынан пайдаланып, П. феодалдары Литва улуу княздыгын П-га көшүүга умтулуп. Речь Посполита мамлекетин түзгөн (булар мурда Литва улуу княздыгынын бийлигинде болгон). 1596-ж. Речь Посполитанын аймагындагы чиркоолор рим папасынын бийлигине өткөн, бул Украина м-н Белоруссияда улуттук ж-а таптык карама-каршылыктардын күчөшүнө себеп болгон. Б. Хмельницкий жетектеген украин элинин 1648—54-жылдагы бошт. согушунун ж-а 1654—67-жылдагы орус-поляк согушунун натыйжасында Украинанын көп бөлүгү Россияга кайрадан кошулуп. П-ның чыгыш элдерин басып алуу саясатына кыйраткыч сокку урулган. Украина м-н белорус элдеринин бошт. күчөгөн. 17-к-дын аягы — 18-к-дын ортосунда өлкөнүн маданий турмушу төмөндөп, борб. бийлик начарлаган. Ушундай кырдаалдан пайдаланып, көшү мамлекеттер П-га үстөмдүк кылууга умтулушкан. 1772-ж. Речь Посполитанын жарым-жартылайын Пруссия, Австрия ж-а Россия, калганын 1793-ж. Россия м-н Пруссия өзүнчө жолу болуп алгандан кийин П-ның көз карандысыздыгы коркунучта калган. 1795-ж. Речь Посполитаны Пруссия м-н Австрия үчүнчү жолу бөлүп алган (Украина, Белоруссия Россияга кайрадан кошулуп, Литва, Латвия жерлери аны бийлигине өткөн). Натыйжада П. мамлекети жоюлуп, анын эли улуттук эзүүдө калган.

П-дан эмиграцияга кеткен патриот ишмерлер өлкөнүн көз карандысыздыгын калыбына келтирүүнү Франция респ-касынын жардамы м-н ишке ашырууга умтулушкан. Алар 1797-ж. Франция тарабында согушкан поляк легионуна (командачы генерал Я. Г. Домбровский) ишенишкен. 1807-ж. Наполеон I Пруссияны талкалап, андан бошотулган П. жериңде Францияга көз каранды Варшава герцогдугун түзгөн. 1814—15-ж. Вена конгресси П-ны кайрадан бөлүүнү чечкен. Падышалык Россия Польша көлөмдүү орногон мурдагы Варшава герцогдугунун көп бөлүгүн алган, бир бөлүгү Познань улуу княздыгы үчүн бөлүнүп. Пруссиянын колунда калган (мындан тышкары Пруссия мурда басып алган Поморье м-н Силезиянын ээлеп калган). Краков «эркин шаар» деп жарыяланган (Краков респ-касы 1846-жылга, Австрияга коштулганга чейин жашаган). П-ның 1815-жылдагы чек арасы 1917-жылдагы Россиядагы Октябрь рев-ясына чейин сакталган эмес. 1815-ж. П-ның аймагы белгилөндөн кийин Россия падышалыгы поляк элин абсолют эзген. Ушундай кырдаалда анын өлкөнүн эмгекчилеринин ортосунда рев-лык байланыш түзүлгөн.

П-да патриоттук жашырын коомдор (борбору — Вильно ун-ти) пайда болгон. 1817—23-ж. «Филоматтар» коому ж. б. иштеген. 1819-ж. офицер В. Лукасиньский «Улут масончулугу» жашырын коомун негиздеген. 1848-ж. жалпы европ. рев-ндүк нымылдын таасири м-н Познань көтөрүлүшү чыккан.

19-к-дын 2-жарымында П-ның бардык жеринде капитализм орнош, шаар, соода, о. ж., транспорт ж. б. өнүгө баштаган. Рев-ячыл нымыл жанданып, саясий уюмдар түзүлгөн. 1890-ж. эл аралык майрам — 1-Май П-да иш таштоо м-н белгиленген. 1897-ж. Улуттук-демокр. партия негизделген.

Россияда жашаган польшалык эмгекчилердин көбү соц. рев-н үчүн күрөшкө активдүү катышкан. Россиядагы Окт. соц. рев-ячыл таасири м-н П-да германиялык ж-а австриялык баскынчыларга каршы күрөш күчөгөн. Совет өкмөтү Брестте Германия ж-а аның союздаштары м-н сүйлөшүүлөрдү өткөргөндө алардан поляк элине көз карандысыздык берүүнү талап кылган. Совет өкмөтү 1918-ж. 29-августта мурдагы Россия империясынын өкмөтүнүн П-ны берүү ж-дөгү келишим актыларынан баш тартуу тууралуу В. И. Ленин кол койгон декретти кабыл алган. Бул декрет П-ның көз карандысыздыгының бекем негизи болгон. 1918-ж. 17-ноябрда П-ның соц. партиясы бийликке келип, гражд. өркиндик, сеймге шайлоолор ж-дө билдирип, 8 сааттык жумуш күнү ж-дө декрет чыгарган, ошону м-н бирге өлкөдөгү рев-ячыл нымылга каршы турүп. Сов. Россияга жат жолго түшкөн. ПКПни куугунтуктап, советтерди жоюп, айрым жерде пайда болгон Кызыл Гвардиялы талкалаган. 1921-ж. П-да бурж.-помещиктик мамл. бийлик орногон. Бирок анын жарымынан көбү Германияның карамагында калган. 1929-жылдын аягында өлкөнүн экономикасында кризистин алгачкы белгилери байкалган. Кризистин убагында (1929—33-ж.) П-да жумушсуздар көбөйүп, массалык иш таштоолордун учурунда жумушчулар айрым ишканаларды ээлешкен. Булуңгөн айылыштактарда дыйкандар полицияга ж-а салык жыйноочуларга кууалдуу каршылык көрсөтүшкөн.

1939-ж. 28-апрелде фаш. Германия П. м-н 1934-ж. түзүлгөн келишимди бузуп, 1-сентябрда кол салып, экинчи дүйн. согушту баштаган. П. эли фашист немец баскынчыларга каршы бошт. согушка чыккан. 1942-ж. январда Варшавада коммунисттик партиянын ишин уланткан Польша жумушчу партиясы (ПЖП) түзүлгөн. Ал жумушчу-дыйкан союзунун биримдигин чыңап, фашизмге каршы бардык күчтөрдү бириктирүү Улуттук фронтко баш коштурган. 1944-ж. 1-январда Варшавада Улуттук фронттун убактылуу демокр. органы — Крайова Рада Народова (КРН) негизделген. 1944-ж. 21-июлда КРН Польшанын улуттук бошт. комитетин (ПУБК) — бийликти убактылуу аткаруучу органын уюштурган. 1944-ж. 26-июлда Сов. Союзу ПУБКны таанып, 1945-ж. 5-январда аны м-н дипл. мамиле түзгөн. Сов. Армия м-н П. аскерлеринин 12-январдан башталган кыпчы чабуулунун натыйжасында П-ның бүткүл аймагы (анын ичинде 1939-жылга чейин Германиянын составына кирген жерлери да) ж-а 17-январда П-ның борбору — Варшава ш. бошотулган. СССРдин туруктуу демилгеси м-н талабына жараша 1945-жылдагы *Потсдам конференциясы*, *Крым конференциясы* 1943-жылдагы *Тегеран конференциясынын* П-га өз жерин кайтарып берүү, анын батыш чек арасын Одер ж-а Нейса д-ларынын б-ча белгилөө ж-дөгү чечимдерин ырастаган. 1946-ж. 3-январда КРН бардык ири, орто о. ж., тоо-кен, транспорт, соода ж. б. ишканаларды мамлекеттештирүү ж-дө закон чыгарган. 1948-ж. декабрда ПЖП м-н ПСПнин кошмо съездинде Польша биринкен жумушчу партиясы (ПБЖП) түзүлгөн. П. 1949-ж. январдан Экономикалык өз ара жардамдашуу советтик (ӨӨЖС) мүчө. 1952-ж. 22-июлда ПЭРдин конституциясы кабыл алынган.

Эл чарбасын 1950—55-ж. өнүктүрүүнүн 6 жылдык планын аткаруунун натыйжасында П. индустриялуу өлкөгө айланган. Андан кийин 5 жылдык план (1961—65) ийгиликтүү орундалган. Ө. ж. өндүрүшүнүн согушка чейинки деңгээли 12 эсе оскон (1965-ж.). 1971-ж. декабрда откорулгон ПБЖПнин 6-съезди эл чарбасынын 1966—70-жылдагы планынын аткарылышын жыйынтыктап, бул мезгилде өмгек өндүрүмдүүлүгүнүн ж-а улуттук доходдун кыйла өсөндүгүн белгилеген. П-ның эл чарбасын калыбына келтирүүдө, өлкөнү индустриялаштырууда СССРдин өкөн. жардамы зор роль ойногон. Жүзөгөн ишканада сов. жабдуулар пайдаланылып, реконструкцияланган ж-а курулган. Сов. Союзу м-н кызматташуунун аркасында П-да ө. ж-ның автомобиль, трактор, кеме куруу, кара металлургия, болот өндүрүү ж. б. тармактары түзүлгөн. П. 1974-ж. ө. ж. продукциясынын көлөмү жагынан дүйнөдө 10-орунду ээлеген. ПЭРдин тышкы соодасынын көлөмү 1947—73-ж. 17 эсе көбөйгөн.


Соц. мамлекеттн чыцоонун аркасында П-ның эл аралык аренада кадыр-баркы өсүп, ООНду уюштурууга биринчилерден болуп катышкан. П. 1973-ж. 97 мамлекеттер м-н дипл. мамиледе болуп, аны м-н соода жүргүзгөн өлкөлөрдүн саны 150го жеткен. ПЭРдин тышкы саясаты соц. бардык мамлекеттер м-н достук, бирдиктүү кызматташтын мамилени өөрчүтүүгө, колон. ж-а неоколон. өзүүдөн азаттыкка чыгуу үчүн күрөшүп жаткан өлдерди



Поляк Эл Респ-касынын делегациясы М. В. Фрунзе атн. а. ч. машинасын курау заводунда.

колдоого, алар м-н тилектеш болууга багытталган. 1965-ж. 8-апрелде СССР м-н П-ның ортосунда достук, кызматташтык ж-а өз ара жардамдашуу ж-дөгү жаңы келишимге кол коюлган. 1965—70-ж. мындай келишим П. м-н ЧССР, ГДР, ВЭР, ВЭР, РСРдин ортосунда түзүлгөн.


Саясий партиялары, профсоюздары жана башка коомдук уюмдары. П. биринкен жумушчу партиясы (ПБЖП), Польшанын жумушчу партиясы м-н Польшанын соц. партиясынын биригүүсүнүн натыйжасында 1948-ж. негизделген. Биринкен дыйкандар партиясы (БДП), 1949-ж. түзүлгөн. Демокр. партия (ДП), 1938-ж. негизделген. Элдин биримдик фронту, 1952-ж. негизделген. Ага: ПБЖП, БДП, ДП, профсоюздар, П. жаштарынын соц. союздарынын федерациясы кирет. Профсоюздардын борб. совети (ПБС), 1945-ж. түзүлгөн. Тармактык 23 профсоюзду бириктирет. П. жаштарынын соц. союздарынын федерациясы, 1973-ж. негизделген. Ага: Соц. жаштар союзу, Соц. айылдык жаштар союзу, П. студенттеринин соц. союзу, П. пионерлеринин союзу, Аскер жаштарынын соц. союзу кирет. Аялдар лигасы, 1945-ж., Эркиндик жана демократия үчүн күрөшүүчүлөр союзу, 1949-ж., Тынчтыктын бүткүл полшалык комитети, 1948-ж., Польша-совет достук кооому. 1944-ж. негизделген.



Польша биринкен жумушчу партиясынын Борб. Комитетинин имараты. Варшава.

Экономикасы. Соц. өнүгүү жылдарында П. индустр.-агрардык өлкө айланган. 1977-ж. чыгарылган улуттук киреше 5,6%ке көбөйгөн. Өлкөнү индустриялаштырууда ж-а өнүктүрүүдө соц. өлкөлөр (айрыкча СССР) зор жардам берген. Машина куруу ж-а химия ө. ж. тез өнүгүүдө. Ө. ж-ның дүң продукциясында тоо-кен ө. ж-ның үлүшү азайганына карабастан, ал жалпы европ. маанинге ээ. Таш көмүр ж-а күкүрт сатуу б-ча дүйнөдө 2-орунда. 1977-ж. 109,4 млрд *кат·с* электр энергиясы алынган. «Турув», «Козенице», «Томошку Одра» ж. б. ТЭЦтери бар. СССРден «Достук» нефть жүргүзүү аркылуу нефть алат. 1977-ж. 7,2 млрд $м^3$ газ алынган (борбору — Сандоме чуңкурдугу). Жерг. кокс м-н сырттан алып келинген темирдин базасында кара металлургия өнүккөн. Чөлүндүн $^3/_5$ ж-а болоттун $^2/_5$ бөлүгүн Краков ш-ндагы СССРдин жардамы м-н курулган Ленин атн. з-д берет. Катовице, Ченстоховы, Заверец, Островец-Свентокшиски, Варшава, Сталёва-Воля ж. б. ш-ларда металлургиялык з-ддор бар. Машина куруу ө. ж. өндүрүмдүүлүгү ж-а чыгарган продукциясының ар түрдүүлүгү м-н айырмаланат. Кеме (Гданьск, Гдыня, Щецин), самолёт (Варшава, Мелец, Свидник), вагон (Свидница, Зелёна-Гура, Вроцлав, Познань), локомотив (Познань, Вроцлав, Хшанув), автомобиль куруу (жүк ташуучу машиналар — Стараховица, Люблин, Ныса, Ельч; автобус — Ельч, Санок; жеңил машиналар — Варшава, Тыхы, Бельско-Бяла ш-нда) ө. ж. өнүккөн. П-да жүк көтөргүч-транспорт ж-а курулуш машиналарын, заводдор үчүн комплекстүү жабдуулар, металл кесүүчү ж-а жыгач иштетүүчү станок, кеме кыймылдаткычтарын, электр моторлорун ж. б. чыгарат. Химия (сода, күкүрт к-тасы, суперфосфат, азот жер семирткичи, вискоза буласы, боёк, пластмасса жасалма каучук, резина), фармацевтика (Варшава, Краков, Зелёна-Гура ж. б. ш-ларда), цемент, айнек, фарфор-фаянс, токой ж-а жыгач иштетүү (мебель, ширеңке, плиталар, кагаз), целлюлоза, текстиль (кебезден кездеме токуу, кендир, жүн, жибек, трикотаж), булгаары бут кийим, тамак-аш (кант, шарап, эт, май, тамеки ж. б.) ө. ж. бар.

А. ч-нда майда товардык уклад үстөмдүк кылат. Жеке дыйкандар чарбасы а. ч. дүң продукциясынын 83%-ин берет. Соц. сектордо а. ч-га жарактуу жердин 19,5% пайдаланылат, анын 16,4% мамл. чарба, 1,4% кооперативдик а. ч. ишканалары, 0,7% а. ч. кружокторуна тиешелүү. Негизги а. ч. өсүмдүктөрү: буудай, кара буудай, арпа, сулу, кант кызылча. Кара буудай, картошканын түшүмүн жыйноо б-ча дүйнөдө 2-орунда (СССРден кийин). 1976-ж. 12,9 млн уй (анын 6,0 млн-у саан уй), 18,9 млн




Варшава. Иерусалим көчөсү.


чочко, 3,4 млн кой, 2,2 млн жылкы болгон. 1976-ж. 656 миң т балык кармалган. Токойдун $^4/_5$ бөлүгү мамлекеттин карамагында.

Т. ж-нун уз. 26,7 миң *км*, автомобиль жолунуку 140,6 миң *км*, суу жолу 4,6 миң *км*. Деңиз соода флотунун көлөмү 2,7 млн *брутто рег. т* (1976). Маанилүү соода порттору — Щецин, Гдыня, Гданьск. Эл аралык маанидеги аэропорту Варшава — Окенец. Тышкы экон. байланышты негизинен соц. өлкөлөр м-н жүргүзөт. П. сыртка машина, транспорт каражаттары м-н жабдууларын, отун, көмүр, цинк, жез, прокат ж. б. чыгарып, чет өлкөлөрдөн машина ж-а жабдуулар, нефть ж-а продуктулар, темир, а. ч. продуктуларын ж. б. алат. Негизги соода шериктери — СЭВтин мүчөлөрү (айрыкча СССР, ГДР, ЧССР).


Акча бирдиги — злотый; 100 злотый=22,50 сом (1978).

Саламаттык сактоосу. 1973-ж. миң кишиге төрөлгөндөр 17,9, өлгөндөр 8,3, балдардын өлүмү тирүү төрөлгөн миң балага 26,1ди түзгөн. Өмүрдүн орт. узактыгы 70,3 жаш (өркечтерде 66,8; аялдарда 73,8 жаш). Өлүмдүн себеби: жүрөк-кан тамыр, рак ж. б. оорулар. 1972-жылдын 1-январынан калкка мед. жардам акысыз көрсөтүлөт. 1973-ж. 217,4 миң орундуу 682 оорукана (миң кишиге 6,5 орун), 467 төрөт үйү, 55 туберкулёзго каршы санаторий, 23 профилакторий, 4,3 миң поли-









1. Гданьск деңиз верфи. *2.* Свидница жүк вагон з-дунун цехтеринин бири. *3.* «Турув» жылуулук электр станциясы. *4.* Плоцк ш. Нефть-химия комбинаты.

клиника ж. б. мед. мекеме, 54,9 мин врач (610 киши/е 1 врач), 15,1 мин стоматолог, 13,8 мин фармацевт ж-а 119 мин орто билимдүү мед. кызматкер иштеген.

Элге билим берүүсү. П-да монастырлар м-н чиркөөлөрдүн алдындагы латын тилинде окуткан мектептер 10—11-к-да пайда болгон. Шаарларда поляк тилинде сабак берген мектептер 13—14-к-да ачылган. П-ның эл агартуусу *Кайра жаралуу* ж-а Реформация доорунун таасиринде өнүгүп, ак сөөктүк маанайда болгон. Краков ш-ндагы Ягеллон ун-ти Батыш Европада гуманизмдин очокторунун бири болгон. П. аймагын кас өлкөлөрдүн болуп алышы билим берүүгө катуу зыян келтирген. Падышалык Россияга өткөн жерлердеги мектептерде 1869-жылдан сабак орус, Австрия, Пруссияга караган жерлерде немец тилинде окутулган. 1918-ж. П. бүрүн, мамлекети түзүлүп, мектептер м-н ун-тер калысына келтирилгени м-н, эл агартуу абалы начар бойдон калып, калкынын көбү сабатсыз болгон. Фашист немец баскынчылыгы убагында П-дагы бардык мектеп кыйратылган. Сов. Армия П-ны бошоткондон кийин анда элдик демокр. мамлекет орношп, алдын максатына ылайыктуу мектептердин бирдиктүү мамл. системасы түзүлгөн. Мектептер м-н жог. окуу жайлардын саны көбөйгөн. П-да 3 жаштан 7 жашка чейинки балдар үчүн балдар бакчасы иштейт. 7 жаштан негизги милдеттүү 8 жылдык мектепте окушат. Орто жалпы билим берүүчү мектепти (лицей, 4 жылдык) бүткөндөн кийин жог. окуу жайларга өтүүгө укуктуу. 1973-ж. ПЭР сейми элге билим берүү системасын кайта түзүү ж-а жалпыга бирдей 10 жылдык билим берүүгө өтүү тууралуу токтом кабыл алган. Ири китепканалары: Ягеллон ун-тинин китепканасы (1364), Познань ун-тинин китепканасы (1902); Варшавада, Краковдо Улуттук тарых музейлери. Варшавада В. И. Лениндин музейи ж. б. иштейт.

ил. мекемелер кыйратылган (1939-ж. иштеген 603 ил. лабор-пдан 357си толук талкаланган. ил. кызматкерлердин 40—50% курман болгон). П. эл респ-ка болуп түзүлгөндөн кийин илимдин дүркүрөп өнүгүшүнө кеңири жол ачылып, кыйратылган жог. окуу жайлары м-н ил. мекемелер калыбына келтирилип, жаңылары түзүлө баштаган. 1946—48-ж. конструктордук ж-а долбоорлоо бюролору. 1949—50-ж. тармактык ил. из. ин-ттары уюшулган. 1951-ж. П. илимпиин 1-конгресси өткөрүлгөн. 1952-ж. П. ИА түзүлгөн. Так илимдердин ичинен **математика** кыйла өнүккөн. Мында В. Серпиньский, К. Куратовский, С. Мазур, В. Орлич, Р. Сикорский ж. б. ири окумуштуулар зор салым кошкон. **Химия** илимин өнүктүрүүдө В. Свентославский, В. Колос, Т. Урбаньский ж. б. айгиликтүү эмгектенген. **Геология** б-ча П-ның геол. структурасын системалык түрдө изилдөөлөрдүн натыйжасында (В. Гётель, Я. Самсонович, С. Павловский ж. б.) жез, коргошун, цинк, күкүрт, таш көмүр, калий туз ж. б. кендер табылган. **Биология** илимиде— жаратылышты коргоо ж-а аның ресурстары (В. Шафер, В. Гётель), экология (К. Петрусевич ж. б.), фитоценология, флористика, палеоботаника (В. Шафер, Б. Павловский, А. Сродонь ж. б.), этология, зоопсихология (Я. Дембовский), паразитология (В. Стефаньский) ж. б. б-ча жүргүзүлгөн изилдөөлөр дүйнөлүк кеңири белгилүү болгон. **Тех.** илимдин өнүгүшүндө теориялык ж-а колдонмо мех. жагынан өткөрүлгөн изилдөөлөрдөн мыкты натыйжа алынган. Чоң системаларды ыңгайлуу башкаруу, ө. ж-ды, транспортту автоматташтыруу б-ча чаралар колдонулуп, өсептөө техникасының каражатын иштеп чыгуу өткөрүлүүдө. Түрдүү приборлор жасалып жатат. 1973-ж. учурулган «Интеркосмос» сериясында «Коперник-500» спутнигине П-ның радиоспектрографы орнотулган.

2. КООМДУК ИЛИМДЕРИ.

П-да филос. ой жүгүртүү 13-к-да пайда болуп, ал неоплатонизм духунда натурфилософияны иштеп чыккан силезиялык Вителонун ысмына тыгыз байланыштуу өнүккөн. 14-к-дын алгы — 15-к-дын башында Ягеллон ун-тинде пайда болгон түрдүү багыттагы схоластиканын ичинде реализм м-н номинализм бири бирине каршы күрөшкөн. Кайра жаралуу доорунда неоплатонизм, стоицизм ж-а аристотелизм концепциялары кеңири тараган. Рим папасынын идеологиясын сындаган А. Моджевский коомду кайра түзүүнүн гумандуу программасын көтөргөн. П-да философиянын өнүгүшүнө табият илими, ботоничо Н. Коперниктин идеясы чоң таасир тийгизген.

19-к-дын 1-жарымында И. Лелевелдин филос.-тарыхый концепциясы таасирдүү болуп, агарттуучулар м-н романтиктердин идеялары өнүктүргөн. Рев-нчыл демокр. кыймыл (Т. Кремповецкий, С. Ворцель, Э. Дембовский ж. б.) утопиялык социализм идеясын үгүттөгөн. Р. Люксембург м-н Ю. Мархлевскийдин эмгектеринде П-дагы жумушчу кыймылынын рев-дык тенденциялары баяндалган. Маркстык көз караштагы коомдук ой жүгүртүүнүн өнүгүшүндө В. И. Лениндин чыгармалары зор роль ойногон.

Элдик демократия жеңгенден кийин П-ның марксизм-ленинизмдин методологиясына негизделген тарых илимиинин өнүгүшүнө шарт түзүлгөн. 1953-ж. уюшулган П. ИАның Тарых ин-ту өлкөдө тарыхый ой жүгүртүүнүн борборуна айланган. Ал «Польша тарыхы» (1—4-т., 1957—74) деген эмгекти басып чыгарган. Азия, Европа, Африка, Латын Америкасындагы өлдердин тарыхын үйрөнүү кеңири жүргүзүлөт.

Тарых илими ж-а кадр даярдоонун ири борбору — Варшава, Краков, Лодзи ж. б. ш-лардагы ун-ттер ж. б. жог. окуу жайлары.

Экономика илими 19-к-дын башынан калыптанган. Элдик-демокр. түзүлүштүн жеңиши м-н илимдин бул тармагынын алга жылышына шарт түзүлгөн. П. илимпоздору саясий экономиянын методологиясын иштеп чыгууда чоң салым кошкон. П. ИАга караштуу Экон. илимдер комитети түзүлгөн. Экон. изилдөөлөрдүн ири борбору: А. ч. экон. ин-ту, ПЭРдин Мин. Советине караштуу Пландаштыруу б-ча экон. изилдөө ин-ту, ун-ттердин экон. ф-теттери, жог. экон. мектеп, ПВЖП БКга караштуу Коомдук илимдердин жог. мектеби.

Элдик бийлик орногондон кийин укук илими жаңы идеол. негизде өнүгүүдө. Укук б-ча илимий проблемаларды иштеп чыгууну П.ИАның Укук ин-ту, ун-ттердин укук ф-теттери ж. б. жог. окуу жайлары жүргүзөт.

Алгачкы лингвистикалык эмгектер латын тилине арналган (14-к-дын башы). Поляк тилине арналган чыг-лар 15—16-к-да пайда болгон. 17—18-к-да лексикография өнүгүп, бир катар создуктор жарык көргөн. 1921-ж. поляк тилин сүйүүчүлөрдүн коому, 1925-ж. П. лингвистика коому, 1966-ж. Тил (речь) мад-ты коому түзүлгөн. Илим м-н техниканы башкаруунун мамл. жог. органы — Илим, жог. билим ж-а тех. мин-восу (1972-ж. уюшулган, 1963—72-ж. Илим ж-а тех. комитети). Ал П. ИА м-н бирдикте иштейт. Ил. из. иштери П.ИАның ил. мекемелери, жог. окуу жайлары, 25 борб, лабор-п, 103 ил. из. борбор, эл чарбасынын өз алдынча 651 ил.-тех. базасы, фабрика-заводдордун ил. из. борбору жүргүзөт. П-ның ил. мекемелери 110 өлкөнүн(ботоничо СССР, ЧССР, ГДР ж. б. соц. мамлекеттер) ил. мекемелери м-н байланышта. П. — эл аралык 140 ил. уюмдун мүчөсү.

Басма сөз, радио үктуруу, телекөрсөтүүсү. П-да 1974-ж. күндөлүк 87 газета ж-а 2850 мезгилдүү басылма чыккан. Негизги гезеталары: Польша биримкеи жумушчу партиясының Борб. Комитетинин органы — «Трибуна люду» (1948-ж. негизделген), «Хлопска дрога» (1945), Биримкеи дыйкандар партиясының башкы комитетинин органы — «Дзенник людовы» (1945), Демокр. партия органы — «Курьер польски» (1957), «Тыгодник демократичны» (1953), «Жиче Варшавы» (1944), Профсоюздардын борб. советинин органы—«Глосправцы» (1951). Журналдары: Польша биримкеи жумушчу партиясының Борб. Комитетинин органы — «Нове дроги» (1947), Тынчтыктын бүткүл дүйнөлүк комитетинин органы — «Виднокренги» (1951). Радио үктуруу комитети 1944-ж. түзүлгөн. Үктуруулар 3 программа м-н жүргүзүлөт. Телекөрсөтүүлөр 1952-ж. уюштурулуп, 70-жылдардан 2 программа аркылуу берилет.

Адабияты. Эски поляк ад-ты үч мезгилге бөлүнөт: о. кылым (12—15-к.), Кайра жаралуу (16-к.) ж-а барокко доору (18-к-дын ортосуна чейин). П-да байыркы фольклордун уруттуу эстеликтери болгону белгисиз, бирок фольклордук салт жышааны элдик мурастарда, ырларда, макалдарда ж. б. жазмаларда кездешет, О. кылымдагы түңүч мурастар латын тилинде ак сөөктүк маанайда жазылган. Г. Анонимдин (12-к-дын башы) түңүч тарыхый хроникалык капелласы — бул жанрдын мыкты үлгүсү. Я. Длугоштун (1415—80) «Польшанын тарыхы» аттуу көп томдугу буга мисал. Поляк тилинде адегенде котормолор, анан насаат түрүндөгү ыр, диалогдор пайда болгон. Саясий күрөш күчөп, гумандуулук идеясы кеңири тараган Кайра жаралуу доорунда ад-т гүлдөп, көркөм чыг-лар м-н байыган. Кальвинчил М. Рей (1505—69) диалог, драма, трактат, сатиралык ырларды поляк тилинде жазган. Я. Кохановский (1530—84) улуттук ыр түзүлүшүнө негиз салган. 17-к-да барокко (Я. А. Морштын, 1620—93-ж. ченде; В. Потоцкий, 1625—96; Я. Х. Пасек, 1636—1701-ж. ченде) үстомдук кылып, Агарттуу доорунда (18-к-дын ортосу) ад-тта реформа. Улуттук тенденк үчүн күрөш чагылтылат (И. Красицкий, 1735—1801; А. Нарушевич, 1733—96; С. Трембецкий, 1739—1812; Т. К. Венгерский, 1756—87 ж. б.). П. тенденгинен ажырагандан кийин (1795), ад-тта бошт. күрөш, улуттук мад-тты сактоо темасы өкүм сүргөн [А. Мицкевичтин (1798—1855) эки томдук «Поэзиясы», «Гражина», «Конрад Валленрод»; А. Мальчевскийдин (1793—1826) «Мария», С. Гощинскийдин (1801—76) «Канев сепили ж. б.]. 1863-жылдан ад-тта реализм өкүм сүрүп (А. Ясняк, 1838—97; М. Конопницкая, 1842—1910; Б. Прус, 1847—1912; Г. Сенкевич, 1846—1916), 19-к-дын алгында проза натурализм маанайы байкалат (Л. Дыгасиньский, 1839—1902). Жумушчу кыймылынын башталышы м-н «Варшавянка», «Кызыл байрак» сыяктуу пролетардык ырлар жаралат.

1890—1918-ж. «Жаш Польша» реалисттери м-н кошо модернисттик (*импрессионизм, символизм,* неоромантизм) агым жайылат (З. Пшесмыцкий, 1861—1944; С. Пшибышевский, 1868—1927). 1918—44-ж. соц. салсий-тиричилик романы (С. Жеромский, З. Налковская, М. Домбровская ж. б.), реалисттик психол. проза (Я. Ивашкевич, Налковская ж. б.), драма (Е. Шанявский), поэзии (В. Броневский, В. Ясеньский, С. Р. Станде, Л. Пастернак, И. Фик ж. б.) жанрларда сын көз м-н караган чыг-лар жаралат. 1949-ж. П. жазуучулар союзунун 4-съездинен кийин соц. реализм үчүн күрөш күчөп, Домбровскалыкы «Айылдагы үйлөнүү тою», В. Чешконун «Муун», Л. Рудницкийдин «Эски жана жаңы», В. Жукровскийдин «Жецилуу күндөру» деген чыг-лары ушул маанайда жазылган. 50-жылдардан тарта фил лос. проза (Т. Бреза, «Коло дарбаза»; С. Дыгат, «Диспейленд»), согуш темасында (Р. Братной, «Колумбдар, туулган жылы—20»; Ивашкевич, «Даңаза жана данк» үчилтиги ж. б.), айыл жериндеги өзгөрүштөр ж-дө (Ю. Кавалец, В. Махеек, Т. Новак ж. б.), жумушчулар тууралуу чыг-лар (С. Р. Добровольский, Л. Вантула, Я. Пешхала ж. б.), тарыхый роман (Я. Парандовский, Т. Парницкий ж. б.), филос. фантастика (С. Лема) пайда болот. 1956-жылга чейинки поэзиянын ийгилигинде Броневский, Гальчинский, Ивашкевич, Пшибося, Иструндардын үлүшү зор. Соц. реалисттик драманы түзүүдө Л. Кручковскийге («Немецтер», «Эркин-диктин биринчи түнү») зор роль таандык.

Архитектура жана сүрөт өнөрү. Неолит доорунда ар түрдүү саймалуу карапа идиштер жасалып, коло ж-а темир доорунда жамаат чептери (Бискупин, б. з. ч. 550—400-ж. ченде) курулган. Христиан динин кабыл алгандан (966) кийин сыйынуу курулуштун көбү таштан салынган. 11-к-дын 2-жарымынан арх-рада роман стили таралат. 14—15-к-да өлкөдө феод. монархиянын орношу м-н шаар мад-ты гүлдөгөн. Германия, Чехия, Нидерланддын арх-ралык формаларын боюна сиңирген готика үлгүсүндөгү курулуштар түшкөн. Өлкөнүн түштүгүндө—таштан ж-а кирпичтен храмдар (Вавелдеги собор, Краковдогу Дева Мариянын костёлу), Вроцлав, Познандагы соборлор, түндүгүндө—кирпичтен костёлдор салынган. 15-к-дын алгы—16-к-дын башында гуманизмдин ж-а реформачыл окуунун жайылышына байланыштуу Кайра жаралуу мад-ты түптөнөт.



Ц. Годобский. Поляк элинин улуу акыны Адам Мицкевичтин Варшавадагы эстелиги. 1898.

П-ның арх-расында 18—19-к-да классицизм (Лазенкидеги сарай, арх. Д. Мерлини, Я. Х. Камзетцер ж. б.), 20-к-да конструктивизм үстөмдүк кылган. Экинчи дүйн. согушта П-ның ири шаарлары бүт



П. Михайловский. «Аттуу аскер гвардиясынын жоокери». 1845—55-ж. чен. Варшава. Улуттук музей.

талкаланган. Согуштан кийин шаарлар калыбына келтирилип, имараттар жаңы долбоор б-ча пландуу курула баштаган.

Сүрөт өнөрүнүн өң байыркы эстелиги алгачкы жамаат коомуна таандык. Гнезно сарайынын дарбазасы (12-к.) роман стилинде кооздолсо, готика кезинде живопись (13—15-к.) өүүгүн, 17—18-к-да иск-во барокко стилинде (Б. Беллотто, Я. П. Норблин, А. Орловский, М. Плоньский), 19-к-да романтикалык маанайда (П. Михайловский) сүрөттөр тартылган. Мындан тышкары реалисттик живопись (А. Каменский, С. Ленц ж. б.) м-н кошо импрессионизм (Ю. Панкевич, Л. Вычулковский ж. б.), символизм (С. Выспяньский, Я. Мальчевский), кубизм ж-а экспрессионизм да өз таасирин жоготкон эмес. Скульптурада М. Конечный, Е. Бандура ж. б., графикада В. Скочиляс, Х. Хростовской-Петрович, Е. Панека ж. б., саясий плакат жанрында Т. Трепковский, Ю. Мрощак, В. Свежи ж. б. сүрөтчүлөр эмгектенген.

Музыкасы. П. — музыкасы славян муз. мад-тынын байыркыларынын бири. Элдик ырлар краковьяк, мазурка бийлери м-н эриш-аркан өнүккөн. 18-к-да жаңы ыр жанры (козголоңчулардын ырлары), 19-к-да рев-нчыл жумушчулардын ырлары («Варшавянка», 1883) пайда болгон. Элдик аспаптар: скрипка, генсле (жаалуу), дуда, лигава, басун (үйлөмө), бубна (урма). Элдик бийлери: полонез, кулявик, оберек ж. б. 12-к-дан чиркөө музыкасы, 15-к-да көп үндүү вокалдык-аспаптык музыка ж-а улуттук полифониялык стиль өнүккөн. М. Каменьский, Я. Стефанидер түңүч опера, А. Мильвид, В. Данковскийлер түңүч симфония жазып, М. К. Огинский полонез жанры м-н таанылган. П. музыкасынын өнүгүшүндө *Шопен, Монюшко* зор роль ойногон, 19-к-дын 2-жарымы — 20-к-дагы белгилүү комп-лор: В. Желеньский, З. Носковский, Ю. Венявский ж. б. «Жаш Польша» тобуна кирген М. Карлович, Л. Ружицкий, Ч. Шимановский улуттук муз. өнөрдүн пр-ципгерин негиздешкен. Аткаруу өнөрүндө скрипкачы К. Липинский, Г. Венявский ж. б., ырчылар А. Дидур, А. Бандровский, Я. Королевич-Вайдова ж. б., музыка таанууда А. Хибиньский, З. Яхимецкий, Ю. Хоминьскийлер таанымал болушкан. Варшавада Шопен атн. эл аралык пианистердин (1927-жылдан), эстрадалык ырлар-

дын эл аралык фестивалы (Сопот ш-нда), сов. ырлардын фестивалы (Зелена-Гура ш-нда) ж. б. конкурстар өткөрүлөт. Көрүнүктүү муз. ишмерлери: дирижёрлор — В. Ровицкий, Х. Чиж, Я. Кренц ж. б., пианисттер — Г. Черна-Стефаньска, Б. Хессе-Буковская; скрипачтар — В. Вилкомирская, Б. Ладыш, Т. Вроньский; ырчылар — К. Щепаньская, М. Фолтын, Г. Луканская ж. б. П-да 21 симф. оркестри, 10 опера театры, 9 оперетта театры, 7 жог. муз. мектеп ж. б. иштейт (1974).

Театры. О. кылымда театр өнөрүндө литургиялык драма, кийин мистерия театры өкүм сүргөн. Кайра жаралуу доорунда сарай театрлары пайда болгон. 18-к-да В. Богуславский улуттук театр иск-восунун өнүгүшүнө чоң салым кошкон. 1765-ж. Варшавада түзүлгөн Улуттук театрда Ф. Заблоцкий, Ю. Немцевич ж. б. драматургдардын чыг-ларын коюлган. 19-к-дын 60-жылдарынан өлкөдө Краков театры (жетекчиси С. Козьмян) алдыңкы катардагы театрлардын бири болгон. 19-к-дын аягы—20-к-дын башында көрүнүктүү театр ишмерлери: К. Каминьский, М. Френкель, М. Пшибылко-Потоцкая ж. б. сахнадагы реализм салтын улантышкан. П. жери фаш. оккупациядан (1944) бошотулгандан кийин жаңы өздүк театрлар курулду, 1949-ж. театрлардын көбү улуттук театрга айландырылды. Белгилүү актёрлору: А. Зельверович, К. Адвентович, М. Цвиклиньская, Я. Кречмар, Х. Миколайская, З. Мрозовская, А. Сленская ж. б.; режиссёрлору: А. Хапушкевич, Э. Аксер, К. Скушанка, М. Прус ж. б. П-да «Народовы», «Польски», «Атенеум», «Вспулчесны» (Варшавада), «Стары» (Краковдо), «Новы» (Лодзь ш-нда) ж. б. театрлар иштейт.

Киносу. П-да кино 1908-жылдан чыга баштаган. Кино өнөрүнүн өнүгүшүнө 1930-ж. түзүлгөн «Старт» кино бирикмеси таасир тийгизген. Экинчи дүйн. согуш кино өнөрүнө кедерги болуп, өздүк демокр. түзүлүш орногондон кийин гана «Акыркы этап» (реж. В. Якубовская), «Муун», «Канал», «Күл жана Алмаз» (учөө тең А. Вайданыкы) сыяктуу фильмдер тартылган. Сов. кино адистер м-н бирге чыгарылган «Ленин Польшада», «Ысмыңды унутпа» сыяктуу фильмдер зор ийгиликке ээ болгон. П-да классикалык чыг-лардын негизинде «Күл», «Үйлөнүү тою» (реж. А. Вайда), «Куурчак» (В. Хас), «Пан Володыевский» (Е. Гофман), «Коперник» (Э. ж-а Ч. Петельскийлер) сыяктуу мыкты фильмдер коюлган. Көрүнүктүү актёрлору: З. Цибульский, Л. Винницкая, Т. Ломницкий, Б. Тышкевич, С. Микульский, П. Ракса, Д. Ольбрыхский ж. б. Кинематографисттер союзу 1966-ж. уюшулган. Кино адистерди Лодзидеги Шиллер атн. мамл. жог. кинематография, телекөрсөтүү ж-а театр өнөр мектеби даярдайт. Кино б-ча жумалыктар үзгүлтүксүз чыгып турат.

Ад.: Ленин и Польша, М., 1970; Польша. Страна и люди, пер. с польск., Варшава, 1974; История Польши, т. 1—3, М., 1954—58, (доп. т.) — Очерки истории Народной Польши, М., 1965 (лит.); Польская Народная Республика, М., 1974; Кастровинки Е., Польша. Природа—Население—Архитектура, Варшава, 1972; История польской литературы, т. 1—2, М., 1968—69 (лит.); Захватович Я., Польская архитектура, пер. с польск., Варшава, 1967; Бэлза И., История польской музыкальной культуры, т. 1—3, М., 1954; Игнатов С., Польский театр, в кн.: История зарубежного театра, ч. 2, М., 1972; Фуксевич Я., Кино в Польше, Варшава, 1973.

ПОЛЬША БАСМА СӨЗ АГЕНТСТВОСУ (ПАП) — ПЭРдин мамл. информ. агентствосу. 1944-ж. июлда уюшулган. Варшава ш-нда. Газета, радио, мамл. мекемелерди ички ж-а эл аралык кабарлар м-н жабдуучу негизги булактардан.

ПОЛЬША БИРИККЕН ЖУМУШЧУ ПАРТИЯСЫ (ПБЖП) Поляк жумушчу партиясы м-н Поляк соц. партиясынын бириги шинен 1948-ж. 15-декабрда түзүлгөн. ПБЖПнин 1-съезди (1948, дек.) идеол. декларациялы ж-а партиянын уставын кабыл алып, Польшада социализм негиздерин куруу милдетин белгилеп, эл чарбасын өнүктүрүүнүн 6 жылдык (1950—55) планын бекиткен. Аны 2-съезди (1954, март) 6 жылдык пландын жыйынтыгын чыгарып, партиянын уставына өзгөртүү киргизген. Бул мезгилде партиянын жетекчилиги м-н Польша индустриялуу-агрардык өлкө айланган. Партиянын 3-съезди (1959, март) ПБЖП БКнын 8-пленумунун (1956, окт.) чечимине ылайык соц. демократияны өнүктүрүү, партия м-н массанын бириндигин чыңдоо б-ча чаралар белгилеген. Анда өлкөнүн эл чарбасын өнүктүрүүнүн (1959—65) планы бекитилип, партиянын жаңы уставы кабыл алынган. ПБЖПнин 4-съезди (1964, июнь) ПЭРдин 20 жылдык өнүгүшүнүн жыйынтыгын чыгарып, өлкөнүн 1966—70-жылдагы контролдук цифрасын бекиткен. Партиянын 5-съезди (1968, ноябрь) эл чарбасын өнүктүрүүнү андан ары интенсификациялоо м-н идеол. иште күчөтүү зарылдыгын белгилеп, 5 жылдык пландын (1971—75) контролдук цифраларын бекиткен. БКнын 7-(1970, дек.) ж-а 8-(1971, февр.) пленумдары өлкөнүн чарб. саясий курулуштагы кемчиликтеринин себебин аныктап, Польшанын соц. багытта өнүгүшүн жөнгө салган. ПБЖПнин 7-съезди (1975, дек.) ПЭРдин эл чарбасын (1976—80) өнүктүрүү планын камтыган соц. өнүгүүнүн программасын кабыл алган. Съезд интернационализмди ж-а ПБЖП м-н КПССтин ортосундагы бекем достукту даңазалаган. 1973-ж. октябрда өткөн ПБЖПнин биринчи Бүткүл польшалык конф-ясы соц. курулуштун темпин ж-а соц. демократияны андан ары жогорулатуу чараларын белгилеген.

ПБЖПнин делегациясы Коммунисттик ж-а жумушчу партияларынын эл аралык кеңешмелерине (1957, 1960, 1969, Москва) катышып, алардын документтерин жактырган. ПБЖП демокр. централизм принцибинде курулат. Жог. органы — съезд. Аның аралыгында — БК. Борб. органы «Трибуна люду» газетасы, теориялык органы — «Нове дроги» журналы.


ПОЛЬША ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ (ПИА) — ПЭРдин жог. ил. мекемеси. Сейм дин указы ж-а Польша илимдеринин 1-конгрессинин сунушу (1951) б-ча 1952-ж. негизделген. Варшава ш-нда. ПИА — польшалык көрүнүктүү илимпоздордун бириксмеси, из. иштеринин борбору, илимдин өнүгүшүн пландоочу ж-а жетектөөчү орган. Составында 289 анык мүчө ж-а корр. мүчө, 91 чет элдик мүчө (анын 17си сов. илимпоз) бар (1974). 101 ил. комитетти бириктирген 6 бөлүмү, 66 ил. мекемеси (филос. ж-а социология, тарых ж. б. ин-ттар) бар. Басмаканасы жылына 100 миң басма табак китеп ж-а 200дөн ашык ил. журнал чыгарат. Краков, Вроцлав, Познань, Катовицеде ПИАнын филиалдары, Гданьск м-н Лодзиде координациялоо совети, Париж м-н Римде ил. өкүлдүгү бар. ПИА СССР ИА м-н тыгыз байланышта. ПИАнын органдары — «Nauka Polska» журналы, орус тилинде «Журнал».

ПОЛЬША КЫЗЫЛ УЮ — сүт багытында өстүрүлүүчү порода. 19-к-дын орто чениңде жерг. уйду ылгоонун негизинде Польшада чыгарылган. Кийинчерээк дания кызыл уюнун ж-а кызыл остфрисланд породасынын букасы м-н аргындаштырылган. Дене түзүлүшү чың, көкүрөгү кууш, соорусу салыңкы. Өңү кызыл, көбүнчө куу өөк. Асыл тукум фермаларындагы өнөгүнүн тирүү салм. 350—450, букасы — 620—700 *кг*. Өнөгүнөн жылына 3000—3500, мыктысынан 6000 *кг* сүт саап алынат, сүтүнүн майлуулугу 3,8—3,9%. Сойгондо 48—51% эт чыгат. СССРде Волынь, Тернополь, Ровно обл-тарында асыралат.

ПОЛЬША УЛУТТУК БАНКЫ — өлкөнүн эмиссия, кредит ж-а эсептешүү борбору. 1945-ж. түзүлгөн. Уставга ылайык (1959) банк төмөндөгүдөй милдеттерди аткарат: акча чыгарып, акчанын жүгүртүлүшүн жөнгө салат; мамл. ишканалардын айланма каражатын толуктоо үчүн ө. ж., соода, транспорт, капиталдык ж-а коммуналдык курулушка, о. эле кооперация уюмдарына кредит берет; өлкөнүн башка кредит мекемелерин кайрадан финансылайт, эл чарбасындагы акча эсебин уюштурат ж-а текшерет; тышкы соодадагы пландын аткарылышын контролдойт; мамл. бюджетте кассаны ж-а эсептешүүнү тейлейт. 1970-ж. 1-январдан П. у. б. инвестиция банкына кошулун, ал бүт эл чарбасынын капитал салымын, а. ч. ж-а токой чарбасынан башкасын (аларды Айыл чарба банкы жетектейт) финансылоо, кредиттөө функциясына өттү. П. у. б-на 70-жылдары кыска мөөнөттүү ж-а узак мөөнөттүү кредиттин 80% туура келген. Банктын өлкөдө 17 конторасы ж-а 427 бөлүмү бар. Башкы конторасы Варшавада.

ПОЛЯК ЖАНА ШВЕД ИНТЕРВЕНЦИЯСЫ (17-к-дын башы) — Речь Посполита м-н Швециянын агрессиячыл башкаруучу чойрөлөрүнүн Россияны бөлүп алууга ж-а анын мамл. өз алдынчалыгын жоюуга багытталган аракеттери. Поляк магнаттары 17-к-дын башында орус мамлекетиндеги тантык карама-каршылыктын күчөшүнөн пайдаланып, авантюрист Жалган Дмитрий I м-н Жалган Дмитрий IIни колдоо аркылуу басып алуучулук ойлорун ишке ашырууга аракеттенишкен. Бирок Жалган Дмитрий I тактыга отургандан кийин Речь Посполитага берген убадасын ар кандай шылтоолор м-н аткарган эмес. Ал 1606-ж. май айында поляктарга кар-




ПОЛЬША
ЭКОНОМИКАЛЫК КАРТА
БАЛТИКА ДЕҢИЗИ
ЖОГОРКУ СИЛЕЗИЯ ӨНӨР ЖАЙ РАЙОНУ
ИШТЕП ЧЫГАРУУЧУ ӨНӨР ЖАЙ
ПАЙДАЛУУ КЕНДЕРДИ КАЗЫП АЛУУ
ЖЫЛУУЛУК ЭЛЕКТР СТАНЦИЯЛАР
СУУ ЭЛЕКТР СТАНЦИЯЛАР
ГИДРОАККУМУЛЯЦИЯЛЫК ЭЛЕКТР СТАНЦИЯЛАР
ПОРТТОРДУН ЖЫЛДЫК ЖУК ТАШЫЛЫШЫ
Варшава
Краков
Познань
Лодзь
Вроцлав
Гдыня
Катовице
Щецин
Торунь
Люблин
Белосток
Жешув
Ольштын
Кельце
Зелена-Гура
Ополе
Гливице
Бытом
Домбровский
Краснодеревянный
Сосновец
Ченстохова
Радом
Плоцк
Седлец
Ломжа
Остроленка
Сувалки
Элбэнг
Слупск
Кошалин
Легница
Вальбжих
Еленя-Гура
Жешув
Ржешув
Тарнобжег
Замостье
Хелм
Пулавы
Кутно
Скерневице
Пиотркув
Келце
Старгард
Гожув
Зелена-Гура
Жагань
Глогув
Легница
Вроцлав
Ополе
Кендзежын
Гливице
Забже
Бытом
Катовице
Домбровский
Краснодеревянный
Сосновец
Ченстохова
Радом
Плоцк
Седлец
Ломжа
Остроленка
Сувалки
Элбэнг
Слупск
Кошалин
Щецин
Торунь
Люблин
Белосток
Жешув
Ольштын
Кельце
Варшава
Краков
Познань
Лодзь
Вроцлав
Гдыня
Катовице

касында, катуу перселер физикасында ж. б. пл. из. иштерде колдонулат.

ПОЛЯРИЗАЦИЯЛЫК ПРИБОРЛОР — поляризацияланган электр-магниттик толкундарды (жарыкты) алуу ж-а аларды өлчөө, анализдөө, изилдөө үчүн колдонулуучу прибор. П. и. эки категорияга бөлүнөт: 1) поляризацияланган жарыкты өзгөртүүгө ж-а алууга арналган жөнөкөй түрү — сызыктуу ж-а циркулярдуу поляризаторлор, фазалуу пластинкалар, оптикалык компенсаторлор, деполяризаторлор ж. б.; 2) сандык поляризациялык-оптикалык изилдөөлөрго арналган татаал конструкциялар ж-а установкалар. П. и. хим., биофиз. изилдөөлөрдө ж. б-да зор мааниге ээ.

ПОЛЯРИЗАЦИЯ МИКРОСКОБУ — тоо тек, минерал ж. б-дын айрым касиеттерин поляризацияланган жарык нурунун жардамы м-н изилдөөчү оптикалык прибор. Петрография, минералогия, минераграфия, биология ж-а химияда кеңири колдонулат, к. *Микроскоп*.

ПОЛЯРИМЕТРИЯ — 1) жарык поляризациясынын деңгээлин ж-а 2) оптикалык активдүү заттардан өткөн жарыктын поляризация тегиздигинин айлануу бурчун өлчөөго негизделген физ.-хим. методдор. Өзүнөн өткөн жарыктын поляризация тегиздигин буруучу (айлантуучу) заттар оптикалык активдүү деп аталат. Айлануу бурчу мындай заттардын концентрациясына көз каранды болгондуктан П-нын жардамы м-н оптикалык активдүү заттардын концентрациясы аныкталат. П.— канттын сапатын текшерүүдө (к. *Сахариметрия*), о. эле оптикалык активдүү заттардын молекулаларынын хим. түзүлүшүн билүүдө колдонулуучу негизги метод.

ПОЛЯРОГРАФ — заттардын эритмедеги концентрациясын, составын аныктоочу прибор. Жөнөкөй П. тизмеги изилденүүчү эритмеден, поляризацияланбоочу ж-а поляризациялануучу электроддордон, ток ж-а чыңалууну өлчөгүчтөн, чыңалууну жөндөөчү чыңалуу булагынан турат. П-тын иштөө принциби тизмектеги чыңалуу жогорулаганда эритмедеги ток күчүнүн өзгөрүшүн өлчөөгө негизделген. Азыр ток күчү м-н чыңалуунун ортосундагы көз карандылыкты — полярограмманы автоматтык түрдө жазуучу аппараттар түзүлгөн. П. реактивдердеги, куймалардагы, кендердеги металл кошундуларын (жез, цинк, кадмий, коргошун ж. б.) аныктоодо колдонулат.

ПОЛЯРОГРАФИЯЛЫК АНАЛИЗ — иондордун поляризацияланууга негизделген *электрохимиялык анализ методдорунун* бири.

ПОЛЯРӨН—кристалл торчону деформациялаганда электрондордун кристалл б-ча жылышы. П-ду сов. физиктер Л. Д. *Ландау* (1933), Я. И. Френкель (1936) кийирген. П.— *квази бөлүкчө*, б. а. электрон ж-а аны м-н байланышкан фонондун суммасы; П. поляризацияланбаган чөйрөдөгү бош электронго караганда аз энергияга ээ. П. жарым өткөргүчтөрдө ж-а иондук торчого ээ болгон бардык диэлектриктердеги электрондук теориянын бир түшүнүгү. Бир (дискреттик) энергетикалык деңгээлден экинчисине өтүү м-н П. жарык толкундарын жута ж-а чыгара алат.

ПОМАЗКОВ Константин Дмитриевич (22. 12. 1914-ж. т., Могилев обл., Славгородский р-ну, Хворостянь кыш.) — сов. геолог; Кыргыз ССР мамл. сыйл. (1972) ж-а СССР мамл. сыйл. лауреаты (1976). Кыргыз ССР геол. кызматына эмг. сиң. кызматкери (1974). 1955-жылдан КПСС мүчөсү. Москва геол. чалгындоо ин-туп бүткөн (1939). МЭРде иштеген (1939—46). Кыргыз ССР геол. башкармасында геол. партиянын начальниги (1946—1954), геол. башкармасынын башкы геологу, геол. партиялар тобунун башкы геологу (1954—62), Кыргыз ССР геол. башкармасынын начальниги (1962—75). Кырг-ндын кен байлыктарын ачууда ж-а чалгындоодо олуттуу салым кошкон. Кыргыз ССР Жог. Советине (8-шайл.) депутат ж-а Кырг-н Компартиясынын 14—15-съезддерине делегат. Ленин ордени, Октябрь Революциясы ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ПОМИДОР, к. *Томат*.

ПОМИДОРЛОР (Solanaceae) — осүмдүктердүн эки үлуттуулор классындагы тукуму. Чөп, кээде бадал, ал эми тропикте лиана ж-а анча чоң эмес дарак. Жалбырактары кезектешип жайгашкан, жаш жалбыраксыз. Эки жыныстуу гүлү жалгыздан же топ гүлгө чогулган. Гүл чөйчөкчөсү 5 айчыктуу же 5 бөлүктүү; желекчеси 5 айчыктуу. Мөмөсү — жемиш же кутуча, кээде данектүү. П-дун 80—90 уруусу (2,5 миңге жакын түрү) тропик, субтропик, ж-а мелүүн алкактарда, о. эле Түш. Америкада өсөт.


СССРде 10 уруусу (40ка жакын түрү) жапайы өсөт. Кырг-нда 29 түрү кездешет. Эң маанилүү уруулары: паслен, тамеки, лициум ж. б. П-го айдама осүмдүктөр: картошка, томат, калемпир, тамеки, махорка, о. эле медицинада дары катары пайдаланылуучу мендубана, чочко жацгак ж. б. кирет. Кооздук үчүн физалис ж. б. өстүрүлөт.

ПОМОЛОГИЯ (лат. pomum — мөмө ж-а *...логия*), сорт таануу — агрономиянын түрдүү райондун чарбаларында мыкты сортторду өстүрүү, жакшыртуу, туура пайдалануу максатында мөмө-жемиш осүмдүктөрүнүн сортторун изилдөөчү тармагы. П-ны орус илимпозу ж-а жазуучусу А. Т. Болотов баштаган. Ал 18-к-да П. б-ча 8 томдуу алгачкы эмгек жазган. Россияда В. В. Пашкевич, М. В. Рытов, Л. П. Симиренко сыяктуу окумуштуулар да при пл. иштерди жүргүзгөн.

СССРде П-ным өнүгүшүндө И. В. Мичуриндин эмгектери зор роль ойногон. П-ным негизги маселелери — мөмө-жемиш осүмдүктөрүнүн сортторун өстүрүлгөн районду б-ча өндүрүштүк-биол. изилдөө. Табигый ж-а агротех. шарттары б-ча суукка, ысыкка, шамалга чыдамдуулугу, сорттун түшүмдүүлүгү, илдетке туруктуулугу ж. б. аныкталат. Район б-ча изилдөөнүн негизинде ар бир жер үчүн ыңгайлуу сорттор сунуш кылынат. П-ным негизги маселелеринин бири — сортту класстоо. Көбүнчө экологиялык-геогр. принцип б-ча класска бөлүшөт. СССРде 18 экология-геогр. топ бар. Момо-жемиш осүмдүктөрүнүн сортун терең изилдөө П-лык при бактарда, И. В. Мичурин атн. Бүткүл союздук бакчылык ил. из. ин-тунда (Мичуринск), Р. Р. Шредер атн. Мөмөчүлүк ил. из. ин-тунда (Ташкен) ж. б-да жүргүзүлөт.

Лд.: Симиренко Л. П., Помология, т. 1—3, К., 1961—63.

ПОМПЕЙ — Италиянын түштүгүндөгү шаар. Неаполь булуңунун жээгиндеги Везувий жанар тоосунун этегинде. Калкы 22,7 миңден ашык. Негизги кесиби туристтерди кабыл алууга илайыкташтырылган; кагаз ф-касы, майда ишканалар иштейт. Б. з. 79-ж. Везувийдин атылышынан 7—9 *м* калыңдыктагы күл астында калган. Казуу иштери 18-к-дын ортосунан, кийин 1940—50-ж. жүргүзүлүп, шаардын көп бөлүгү, шаар дарбазасынын жанындагы коргостон ж-а аның четиндеги кооз жайлар ачылган. П. капысынан кыйрагандыктан анда храмдардын, театрдын, о. эле скульптура, мозаика м-н кооздолгон көптөгөн турак үйлөрдүн калдыктары жакшы сакталып калган. П. б. з. 1-к-дагы



Помпей. Нан бышыруучу ишкана (меш ж-а 4 тегирмен ташы).


Рим империясынын чарбасы, турмушу, мад-ты ж-а иск-восунан маалымат берүүчү маанилүү булак.

Лд.: Помпейские росписи. (Альбом), Л.—М., 1937; Сергеенко М. Е., Помпеи. М.—Л., 1949.

ПОМПЕЙ Гней (ылакап аты Улуу; б. з. ч. 106—48) — Рим кол башчысы ж-а саясий ишмери. П. саясий мансабын б. з. ч. 83-ж. Сулла тарапта баштаган. 71-ж. Спартак которулушун басынткан. 70-ж. консул. П. 66-ж. Митридат VI Евпаторду жеңип, Римге жакы аймактарды кошкон. 60-ж. П. сенатка каршы Красс ж-а Цезарь м-н биригип союз түзгөн (биринчи триумвират). 50-жылдары П. жеке

бийлик үчүн сепат тарапта Цезарга каршы күрөшкөн. 48-ж. Фарсалда Цезардын армиясынан талкаланып, Египетке качып, ошол жакта өлтүрүлгөн.

ПОНИ — бою жапыз, кидик жылкы. Боюнун бийиктөө. 80—140 *см*. Ал Британ, Исландия, Корсика, Сицилия, Готланд, Хоккайдо (Япония) а-дарында чыгарылган. Аның 20ча породасы (шетленд, уэльс, исланд, готланд, хоккайдо-пони ж. б.) бар. П. дыйкандардын майда чарбаларында, шахталарда, тоолуу жерлерде жүк, шаарларда азык-түлүк ташуу үчүн колдонулган. Азыр П-лер зоопарктарда, цирктө ж. б. пайдаланылат. Көп өлкөдө ар кыл типтүү миниич ж-а



арабага чегилчү породалары чыгарылууда.

Лд.: Коннозаводство и конный спорт, М., 1972.

ПОНОМАРЕВ Борис Николаевич [4(17). 1. 1905-ж. т., Зарайск, азыркы Москва обл.] — сов. мамлекеттик ж-а парт. ишмер, тарыхчы. Соц. Эмг. Баатыры (1975), проф. (1932), СССР ИАның акад. (1962; корр. мүчө, 1958). 1919-жылдан КПСС мүчөсү. Кызматкердин үй-бүлөсүнөн. МГУну (1926), Кызыл профессура ин-тун (1932) бүтүргөн. 1919-ж. Кызыл Армияга өз ыктыяры м-н өткөн. 1920—23-ж. Зарайскиде комсомолдук ж-а парт. иште. 1926—28-ж. Донбасста, Түркм-нда парт. иште. 1932—34-ж. Кызыл профессураның Партия тарыхы ин-тунда директордун орун басары, 1934—36-ж. ВКП(б) Москва комитетинде караштуу Партия тарыхы ин-тунун директору. 1937—43-ж. Коминтерндин Аткаруу комитетинде иштеген. 1943—44-ж. Маркс, Энгельс, Ленин ин-тунун директорунун орун басары. 1944—46-ж. ВКП(б) БКның болүм башчысынын орун басары. 1947—49-ж. СССР Мин. Советине караштуу Совинформбюронун начальнигинде орун басар, начальник. 1948-жылдан БКның болүм башчысынын биринчи орун басары, 1955—61-ж. КПСС БКның болүм башчысы. 1961-жылдын октябрынан КПСС БКның секретары. Партиянын 19-съездинде БКның мүчөлүгүнө кандидат, 20, 22—25-съезддеринде КПСС БКга мүчөлүккө шайланган. 1972-жылдын майынан КПСС БКның Саясий бюросунун мүчөлүгүнө кандидат. СССР Жог. Советине (5—10-шайл.) депутат. П. — КПСС тарыхына, СССРдин тышкы саясатына, эл аралык коммунисттик, жумушчу ж-а улуттук-бошт. кыймылына, пл. социализмдин теориялык маселелерине арналган көп эмгектердин автору ж-а редактору. КПСС тарыхы окуу китебинин авторлор коллективинин жетекчиси. Көп томдуу КПСС тарыхынын Башкы редакциясынын мүчөсү. Коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын эл аралык кеңешмелериндеги КПССтин делегациясынын мүчөсү. Беш Ленин ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.



К. Д. Помазков.



Б. Н. Пономарёв.



П. С. Пономарёв.

ПОНОМАРЁВ Иван Семёнович (1922-ж. т.) — Сов. Союз. Баатыры (1944), ст. сержант. Калинин р-ндук аскер комиссариатынан Сов. Армияга өз ыктыяры м-н жоногон. Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) 81-гвард. аткычтар дивизиясынын 233-полкунун катарында салгылашкан. 1943-ж. 25-сентябрда Днепрден өтүүдө П. өз жоокерлери м-н Бородаево а-ндагы душманды талкалап, ботончо эрдик көрсөткөн (25 фашистти өзү өлтүргөн). «Каармандыгы үчүн» медалы м-н сыйланган.

Лд.: Санников В., Семенков В., Родинанын данкы үчүн, Фр., 1970.

ПОНОМАРЁВ Павел Сергеевич [1924-ж. т., Кыргыз ССРи, Беловодский (азыркы Москва) р-ну, Беловодский кыш.] — Сов. Союз. Баатыры (1944), ст. сержант. 1943-жылдан Сов. Армияда. 1943-жылдын сентябрынан Улуу Ата Мек. согушка катышып, 2-Украин фронтунун 307-гвард. аткычтар полкунун наводчиги болгон. Днепрдин батыш жээгиндеги Куцеваловка кыш-ндагы 177-дөңсөө үчүн салгылашта П. душмандын он танкасы м-н жалгыз беттешип, үчөөнү талкалап, калганын артка чегинүүгө мажбур кылган. Натыйжада Сов. аскерлер дөңсөөго жайгашып, андан ары чабуулду улантканын. П. Ташкенде иштейт.

ПОНТ ПАДЫШАЛЫГЫ, Понт — К. Азиядагы кул ээлик, эллиндик мамлекет [б. з. ч. 302 (301)—64]. Персиялык Ахаменилерден чыккан Митридат II негиздеген. Борбору — Амасия ш. П. п-ным негизги эли кападокиялыктар болуп, кийин аларга Понт Эвксинский жээктериндеги (П. п-ным аты да ушундан) шаарлар ж-а чыгыш чек арадагы уруулар кошулган. П. п-ным составына кул ээлик түзүлүштөгү грек шаарлары м-н катар уруулук мамилелер үстөм кылган аймактар да кирген. П. п-ндагы кул ээлери бара-бара грек мад-тын, тилин ж-а жазуусун өздөштүргөн. 2-к-дын башынан П. п-ным тышкы саясаты күчөп, Митридат VI Евпатор тушунда өтө гүлдөгөн. Б. з. ч. 1-к-да П. п. эллиндик дүйнөдөгү күчтүү мамлекетке айланып, Улуу Арменияны падышасы Тигран II м-н бирдикте Римге каршы согуш ачкан. Адегенде көп аймакты каратканы м-н 86-ж. Сулланын армиясынан жеңилип, аны м-н 85 (84)-ж. тынчтык келишимин түзгөн соң каратып алган жерлеринен бүт ажыраган. Митриддатты Римге каршы кийинки согушу (77—64) да нәтижесиз аяктаган соң П. п. Рим мамлекетинин составына кошулган.

ПОНТРЯГИН Лев Семёнович [21. 8(3. 9). 1908-ж. т., Москва] — сов. математик, СССР ИАның акад. (1958; корр. мүчө, 1939), Соц. Эмг. Баатыры (1969). 14 жашында көкүстүктан азаяк болгон. Москва ун-тин (1929) бүтүргөн. 1939-жылдан СССР ИАның В. А. Стеклов атн. Матем. ин-тунун бөлүм башчысы ж-а МГУнун проф. (1935). Ал топологияда көп көрүнүүнүн жалпы законун ачкан, ошонун натыйжасында үзгүлтүксүз *группанын* мүнөздөмө теориясын түзгөн, гомотопия теориясы б-ча (Понтрягин класстары) бир нече натыйжа алган. Термелүүлөр теориясы, башкаруу теориясы, дифференциалдык оюндар теориясына чоң салым кошкон. П.— Лондон матем. коомуна (1953), Эл аралык «Астронавтика» академиясына (1966) ардактуу мүчө. Эл аралык математиктер союзунун вице-президенти (1970—74); ВЭР ИАның ардактуу мүчөсү (1972), СССР мамл. сыйл. (1941), Ленин сыйл. (1962) лауреаты. Үч Ленин ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

ПОНТ ТООЛОРУ (гр. Póntos — Кара деңиз), Түндүк Анатолия тоолору — Түркиянын түндүгүндөгү тоо системасы. Кара деңизди бойлой батыштан чыгышка 1000 *км* аралыкта созулуп жатат. П. т-на Батыш Понт, Жанык, Чыгыш Понт тоолору кирет. Узунунан кеткен ороондор ж-а кырка тоолордон туруп, Кызыл-Ирмак ж-а Эшилме-Ирмак д-ларынын ороондору ж-а капчыгайлары м-н бөлүнгөн. Кырка тоолору батыштан (2000—2500 *м*) чыгышты (3000—3500 *м*) карай бийиктейт; эң бийик жери Качкар чокусу (3931 *м*). Кумдук, аки таш, андезит, гранит, гнейс



А. С. Попов.



В. М. Попов.

ж. б. тоо тектерден түзүлүп, таш көмүр, жез, полиметалл рудалары бар. Түн. капталдары жазы ж-а ийне жалбыректуу токой, түштүгү тоо талаасы ж-а жарым чөл өсүмдүктөрү м-н капталган.

ПОПКОВ Виталий Иванович (1. 5. 1922-ж. т., Москва) — авиациянын генерал-лейтенанты (1968), эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1943, 1945), СССРдин эмг. сиң. аскер учкучу (1967). 1943-жылдан КПСС мүчөсү. 1940-жылдан Сов. Армияда. 1941-ж. учкучтардын Чугуев аскер-авиация мектебин, 1942-ж. Батайск аскер-авиация мектебин, 1951-ж. Аскер-аба академиясын (азыр Ю. А. Гагарин атн.), 1964-ж. Генштаб Аскер академиясын бүткөн. Улуу Ата Мекк. согушта Калинин, Түш.-Батыш, 3- ж-а 1-Украин фронтторунда салгылашып, катардагы учкучтан авиаполктун эскадрильясынын командирине чейин жеткен. 300 согуштук учуш жасап, душмандын 41 самолётун атып түшүргөн. Согуштан кийин ААКта жооптуу кызматтарда. 1964-жылдан СССР Коргоо мин-восунун борб. аппаратында иштеген. Үч Ленин ордени, 2 Кызыл Туу, 1—2-дараж. Ата Мекендик Согуш, Александр Невский, Кызыл Жылдыз ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

ПОПОВ Александр Степанович [4 (16). 3. 1859, азыркы Свердлов обл., Краснотурьинск — 31. 12. 1905 (13. 1. 1906), Петербург] — орус физиги ж-а электр-техниги, электр байланышын аралыкка зымсыз берүүнү ойлоп табуучу. 1882-ж. Петербург ун-тинин физ.-матем. ф-тетин бүтүп, ун-тте иштоого калтырылган. Мина офицерлер классында (1883—1901) ж-а Кронштадттагы Тех. окуу жайда (1890—1900) физика ж-а электр-техникадан окутуучу; Петербург электр-тех. институнда физикадан проф. (1901-жылдан), директор (1905-жылдан). Ардактуу инженер-электрик (1900) ж-а Орус тех. коомуна ардактуу мүчө (1901). Г. Герцтин электр динамика б-ча эмгеги (1888) жарыялангандан кийин П. электр-магнит кубулушун изилдей баштайт ж-а бул темада лекция окуйт. 1895-ж. 25-апрелде (7-май) Орус физ.-хим. коомунун физика бөлүмүнүн кеңешмесинде П. электр-магнит толкундарын чыгарууну ж-а кабыл алууну аркасында зымсыз телеграфтоо ж-дө ил. доклад жасаган ж-а демонстрациялаган. П-дун радио кабыл алгычы м-н чагылган каттагычы Ленинграддагы Борб. байланыш музейинде сакталуу. 1895—96-ж. өзү түзгөн приборлорду жакшырткан, ал ж-дө докладдар жасап, приборду кошо иштетип көрсөткөн. 1897-ж. жазында радио байланыштын узундугу 600 *м*, жайында 5 *км*, 1900-ж. 45 *км*, 1901-ж. 148—150 *км*ге жеткен. П-дун радио б-ча коштогон иштерин Россиядагы ж-а чет элдик заманбаптары жогору баалаган. П-дун радио кабыл алгычы 1900-ж. Париждеги Бүткүл дүйн. көргөзмөдө Чоң алтын медалга татыктуу болгон. П-дун сиңирген эмгегин өзгөчө баалап, СССР Мин. Совети 1945-ж. радио күнүн (7-май) ж-а СССР ИА тарабынан берилүүчү А. С. Попов атн. алтын медалды белгилеген.

Ад.: Изобретение радио. А. С. Попов. Документы и материалы, М., 1966; Бреслев И. В., Начало радиотехники в России, М., 1970.

ПОПОВ Алексей Дмитриевич [12 (24). 3. 1892, Саратов губ., Николаев ш.—18. 8. 1961, Москва]—сов. режиссёр, театр теоретиги, педагог, СССР эл арт. (1948), проф. (1940), иск-во илимд. доктору (1957). 1954-жылдан КПСС мүчөсү. 1912—18-ж. Корком театрдын (МХТ) актёру. 1923—30-ж. МХТтин 3-студиясынын режиссёру. 1935—60-ж. ал жетектеген Кызыл (азыр Сов.) Армиянын Борб. театрында совет адамынын күжүрмөн эмгегин, согуштук жеңиштерин дабаза-лаган психол. образдарга бай спектаклдерди койгон: Ю. Чепурин, «Сталинграддыктар», М. Шолохов, «Көтөрүлгөн дың», У. Шекспир, «Ромео жана Жульетта», «Азоого чалма» ж. б. 1919-жылдан педагог болуп иштеген. П.— көптөгөн актёрлордун, режиссёрлордун таалимчиси. СССР мамл. сыйл. (1943, 1950, 1951) лауреаты. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Спектакль и режиссёр, 2 изд., М., 1972.
Ад.: Зоркая Н., Творческий путь А. Д. Попова, М., 1954.

ПОПОВ Василий Михайлович [3(17). 2. 1901-ж. т., азыркы Липецкий обл., Лебедянь ш.] — сов. илимпоз, геол.-минералогия илимд. доктору (1955), проф. (1956), Кыргыз ССР ИАнын акад. (1960), Кыргыз ССРинин илимге эмг. сиң. ишмери (1975). Ленинград тоо ин-тун бүткөн (1930). Геол. комитетте (Ленинград) партиянын начальниги (1930—31), Каз-н геол. трестинде тех. жетекчи (1931—32), СССР ИАнын Каз-н базасында (кийин Каз-н филиалы) сектор башчысы (1936—46), Новочеркасск политех. ин-тта доцент (1946—47), СССР ИАнын Кыргыз филиалынын Геол. ин-тунун директору (1947—52), Кыргыз ССР ИАнын Геол. ин-тунун директоруна орун басар (1961—62) ж-а 1955-жылдан ин-тта адегенде лабор-я, кийин сектор башчысы.

П.— руда кен байлыктар ж-догу илимдин чоңмо түрдө пайда болуу багытын негиздөөчүлөрдүн бири. Ил. из. иштери Кырг-н м-н тыгыз байланышып, руда б-ча литологдордун мектебин түзгөн. Аның 80ден ашык ил. эмгеги негизинен жез, коргошун, цинк ж. б. металлдардын стратиформ кендеринин чоңмо түрдө пайда болуу маселесине арналган. Ил. эмгектери ж-а аның мектеби Сов. Союзунда гана эмес, чет өлкөлөрдө да колдоого алынган. Ал башкарган сектор чоңмо рудогенез теориясын онуктүрүү б-ча өлкөдөгү бирден бир негизги ил. борборго айланган. П. ил. изилдөөлөр м-н бирге ил. уюштуруу иштерин жүргүзүп, илимпоздорду, аның ичинде жерг. кадрларды даярдоого көп көңүл бурган. Аның жетекчилиги м-н илимдин бир нече кандидаты ж-а доктору даярдалган. Эл аралык геол. конгресстин 22—23-сессияларына (Дели, 1964; Прага, 1968), коргошун, цинк, барит ж-а флюориттин стратиформ кендери б-ча Нью-Йорк симпозиумуна (1966), 7—8-седиментология конгрессине (Англия, 1967; ГФР, 1971) ж-а СССРде өткөн бир нече ири кеңешме м-н конф-ялда ил. доклад жасаган. П.— 1967-жылдан седиментологдордун эл аралык ассоциациясына (Нидерланд) мүчө. «Известия АН Киргизской ССР» ил. журналынын редколлегия мүчөсү. «Ардак Белгиси» ордени ж-а бир нече медаль м-н сыйланган.

Эмг.: Геологические закономерности размещения медистых песчаников на территории Центрального Казахстана и Северного Тянь-Шаня, в кн.: «Закономерности размещения полезных ископаемых», т. 2, М., 1959, с. 183—208; Пластовые месторождения цветных металлов и вопросы их генезиса, в кн.: «Проблемы генезиса руд», МГИ, 22 сессия, доклады советских геологов, проблема 5, М., 1964, с. 350—68; Медь, в кн.: Металлы в осадочных толщах. Тяжелые цветные металлы, малые и редкие металлы, М., 1965, с. 3—68; Стратифицированные свинцово-цинковые месторождения Средней Азии и Казахстана, в сб.: Геохимия осадочных пород и руд, М., 1968, с. 325—43; Проблемы происхождения стратиформных месторождений и пути ее решения, «Литология и полезные ископаемые», 1970, № 2; Стратиформные месторождения докембрия, в монографии, в кн.: Проблемы осадочный биологии докембрия, кн. 2, М., 1975, с. 236—45.
Ад.: Академик Василий Михайлович Попов (к 70 летию со дня рождения), «Известия АН Кирг. ССР», 1971, № 2; К 70 летию В. М. Попова, «Литология и полезные ископаемые», 1971, № 6; Каракеев К., Академия наук Киргизской ССР. Фр., 1974.

ПОПОВ Владимир Иванович (22. 2. 1907-ж. т., Ленинград) — сов. илимпоз, геол.-минералогия илимд. доктору (1939), проф. (1940), Өзбек ССР ИАнын акад. (1968; корр. мүчөсү, 1958), Өзбек ССРинин илимге эмг. сиң. ишмери (1957). 1941-жылдан КПСС мүчөсү. О. Азия мамл. ун-тинин (САГУ) физ.-матем. ф-тетинин геол.-чалгындоо болүмүн бүткөн (1927). 1939-жылдан САГУда кафедра башчысы ж-а лабор-я жетекчиси. П.— геол.-формация ж-догу илимди ж-а литологдордун о. азиялык мектебин негиздеген. Ал — 350дөн ашык ил. ж-а ил.-популярдуу эмгектин (аның 17си монография) автору. Ил. эмгектери геологиянын бардык маанилүү тармагын камтып, аларды комплекстүү изилдөөго арналган. О. Азияда, аның ичинде Кырг-нда геол. илимин онуктүрүүдө зор салым кошкон. Кырг-ндагы Кадамжай кенинин геол. картасын алгач прет түзүп, аның батыш уландысын тапкан. Хайдаркен ж-а Охна кендерин ачкан. О. Азиядагы кайнозой моласстарынын нефть-газдуулук маселесин которуп, Фергана ороонундагы неоген тоо тектеринде нефтинин мол запасы бар экенин алдын ала айткан (1941). Прогрессивдүү палеомагнит методун алгач прет сунуш кылган (1947). Бул метод СССРде гана эмес, чет өлкөлөрдө да кеңири колдонулууда. Жер кыртышынын осуп-онгушунун ядролук теориясын бардык жактан иштеп чыгуу м-н актуалдуу изилдөө жүргүзгөн (1951). Аның негизинде О. Азиянын аймагын геол.-формациялык райондоштурууну ишке ашырган. Чоңмо рудаларды изилдөөнүн кларк методун иштеп чыккан. Ысмы Хайдаркен ш. т. посёлкасындагы бир көчөгө коюлган.

Эмг.: История депрессий и поднятий Западного Тянь-Шаня, Таш., 1938; Литология кайнозойских моласс Средней Азии, ч. 1—3, Таш., 1954, 1956; Ядерная теория развития Земной коры, Таш., 1960.
Ад.: Деятель науки и культуры Узбекской ССР. Владимир Иванович Попов, Таш., 1977.

ПОПОВ Иван Семёнович [10(22). 11. 1888, Москва губ., Волоколамский у., Василевский кыш.— 1. 2. 1964, Москва] — сов. зоотехник, ВАСХНИЛдин акад. (1956). 1913-ж. Москва а. ч. ин-тун бүтүргөн, 1914—19-ж. ушул эле ин-тта ассистент. Саратов ун-ти (1919—21), Москва жог. зоотехния ин-ту (1921—29), Бүткүл союздук мал чарба ил. из. ин-ту (1930—33) ж. б. ил. мекемелерде иштеген. Москва жог. зоотехния ин-тунда аның демилгеси б-ча СССРде малды тоюттандыруу кафедрасы (1921) уюштурулган. 1937-жылдан К. А. Тимирязев атн. Москва а. ч. академиясының проф. Негизги ил. эмгектери тоют ресурстарын изилдөө, тоюттун сиңимдүүлүгүн аныктоо, малды тоюттандырууга арналган. Лениндик сыйл. лауреаты (1959). Эки орден м-н сыйланган.

Чыг.: Кормление сельскохозяйственных животных, 9 изд., М., 1957; Избр. труды, М., 1966.

ПОПОВ Олег Константинович (31. 7. 1930-ж. т., Москва обл., Вырубо кыш.) — сов. цирк артисти, клоун, СССР эл арт. (1969). 1950-ж. Мамл. цирк онорү окуу жайын бүтүргөн. 1951—53-ж. жаштар тобунда эквилибрист катары ойноп, килем клоунду катары таанылган. П. эквилибристика, акробатика, жонглёр онорлорүн цирк оюнунда өтө чебер пайдаланган. Ал номерлерин буффонада, жумшак лирикалык тамаша ж-а сатира м-н шайкеш илайыктап, өтө чебер аткарат. Варшавада өткөн Эл аралык цирк фестивалынын (1957), Оскар сыйл. (1958, Брюссель) лауреаты. Чет өлкөлөрдө гастролдо болуп турат. Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Дмитриев Ю. А., Советский цирк сегодня, М., 1968.

ПОПОВ Сергей Македонович (2. 4. 1905-ж. т., Луганск ш.) — механика б-ча илимпоз, тех. илимд. доктору (1953), Кыргыз ССР ИАнын акад. (1960). 1940-жылдан КПСС мүчөсү. 1937-ж. МГУну бүткөн. 1940—60-ж. СССР ИАнын Механика ин-тунда ст. ил. кызматкер, 1943—53-ж. МГУнун серпилгичтик теориясы кафедрасында доцент, 1953—60-ж. Бүткүл союздук сырттан окуу текстиль ин-тунда теориялык механика кафедрасына башчы, 1960—62-ж. Кыргыз ССР ИАнын Физика, механика ж-а математика ин-тунун директору, 1962-жылдан Москва болот ж-а куймалар институтун теориялык механика кафедрасынын башчысы.



С. М. Попов.



У. Г. Попова.



П. Р. Поповичч.

Аның негизги эмгектери серпилгичтик ж-а пластикалуулук (ийкемдүүлүк) теориясына багышталган. Бул тармакта отуздан ашык ил. эмгек жарыяланган. «Ардак Белгиси» ордени, бир нече медаль м-н сыйланган.

Эмг.: Лекции по теории упругости и пластичности, М., 1970; Теоретическое исследование контактных напряжений при поперечно-винтовой прокатке, «Изв. АН СССР. Металлы», № 1, 1972.

ПОПОВА Ульяна Григорьевна (6. 2. 1911-ж. т., азыркы Саратов обл., Пугачёв ш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1948). Эмгек жолун жумушчудан (1928) баштаган. 1936-жылдан Кыргыз ССРинин Калинин р-нундагы «Красный Восток» к-зунда авено башчы. 1947-ж. 2 *га* жердин гектарынан 925,18 *ц* кант кызылча алган. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ПОПОВИЧ Павел Романович (5. 10. 1930-ж. т., Киев обл., Узин кыш.) — СССР учкуч-космонавты, полковник, эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1962, 1974). 1957-жылдан КПСС мүчөсү. 1951-ж. Магнитогорск индустрия техникумун ж-а ошол эле мезгилде аэроклубду бүткөн. 1954-ж. аскер авиац. окуу жайын бүтүрүп, аскер учкучу болгон. 1960-жылдан космонавттар тобунда. 1968-ж. Н. Е. Жуковский атн. Аскер-Аба инженердик академиясын бүткөн. 1962-ж. 12—15-августа «Восток-4» космос кемесинде (А. Г. Николаев м-н) космоско учуп, Жерди 70 *с* 44 *мин*да 48 жолу айланып, 2 млн *км*дей аралыкты өткөн. 1974-ж. 3-июлда «Союз-14» космос кемесинин командири болуп (Ю. П. Артюхин м-н бирге) экинчи жолу космоско учуп чыккан. 5-июлда «Союз-14» муртадан учуп жүргөн «Салют-3» ил. станциясына аштатып, космостук комплекстүү биригип учуу 15 суткага созулган. Учуу убагында экипаж кеңири программадагы ил.-тех., мед.-биол. эксперименттерди аткарды. П-тин космостогу экинчи жолку убактысы 18 сутка 16 *с* 14 *мин*. П. УССР Жог. Советинин (7—9-шайл.) депутаты. Эки Ленин ордени ж-а Кызыл Жылдыз ордени м-н сыйланган. ВСРдин Эмгек Баатыры деген наам берилген.

ПОПУРРИ, курама күү (фр. pot-pourri — аралашма тамак, ар кошкон) — белгилүү опера, оперетта, балет, элдик ыр, бий ж-а кинофильмдерден алынган обондордон (алардын үзүндүлөрүнөн) куралган аспаптык пьеса. Адатта П-ге пайдаланылган обондор өзгөрүүсүз биринин артынан экинчиси алмашып, обон аралыгы кыска кайрыктар м-н уланат. П. алгач 1711-ж. пайда болуп, 19-к-да кеңири оңуккөн. Ар кыл аспаптар үчүн жазылып, көбүнчө эстрада ж-а үйлөмө оркестрде аткарылат. П-нин эстрада м-н циркте аткарылуучу мозаика деп аталган вокалдык түрү да бар. Кыргыз музыкасында аккордеон үчүн эл обондорунан куралган П-лер көп.

ПОРОДА малда — малдын теги жалпы, окшош экстерьер-конституция ж-а кунардуулук белгилери тукумуна өтүүчү бир түрүнүн (уй, жылкы, кой, чочко ж. б.) бүтүндөй туруктуу тобу. П. көп сандагы (Д. А. Кисловскийдики б-ча 5 миңче асыл тукум тубар малга чейин) малды камтыйт. Ушул жагдайда гана П. ичинде иштиктүү ылгоо, ылайыктоо жүргүзүү мүмкүн. П. ар кандай генетикалык типтерден — зоналык (тектеш), ондуруштүк типтерден, эркек линиядан, энелик тукумдан турат.

П. адам эмгегинин патыйжасында түзүлөт. Ал карапайым, зоот ж-а чалыш болуп айырмаланат. Карапайым П. экстенсивдүү натуралай чарба шартында жөн эле тандоонун ж-а табигый ылгоонун күчтүү таасиринин негизинде жаралат. Мындай П. жерг. табигый шартка мыкты конүгүп, көп өзгөрүлбөйт, чыйрак келип, кунарсыз болот. Мис., кыргыз ую, кыргыз жылкысы, калмак ую ж. б. (к. *Абориген мал*). Зоот П. интенсивдүү товар өндүрүшүнүн ж-а зоотехния илиминин жог. деңгээлинин шартында пайда болот (к. *Асыл тукум иши*). П. жог. кунардуулугу ж-а асыл тукумдук сапаттуулугу м-н бө-

төнчөлөнөт. Ал түрдүү табигый шартта остүрүүгө байырланып, П. ичинде кунардуу малды алуу үчүн пайдаланылат (голланд, симменталь уйлары, дон, кыргыз жаңы жылкылары ж. б.). Азыркы П-ның көпчүлүгү зоот П-ны оркүндөтүүнүн негизги методу — малды таза тукумда остүрүү, анын жог. этабы — малды теги б-ча остүрүү. Карапайым м-н зооттун ортосундагы П. чалыш болуп эсептелет.

Малдын көпчүлүк П-сы 18-к-дын аягынан 19-к-дын ортосуна чейин калыптанган. СССРде 60тан ашык П., анын ичинен Кырг-нда уйдун алатоо, олуя-ата, койдун — кыргыз уяң жүндүү, тянь-шань чала уяң жүндүү П., алай породалык тобу ж-а кыргыз жаңы жылкысы чыгарылган, к. *Зоотехния.*

Ад.: Кисловский Д. А., Разведение сельскохозяйственных животных, М., 1951.

ПОРОДА СЫНОО — породаны белгилүү мезгилде бирдей табигый ж-а чарб. шартта биол., зоотех. ж-а экон. жактан салыштырып баалоо. П. с. көп өлкөдө породаны ил. туура райондоштуруу үчүн жүргүзүлөт. П. с-го өзгөчө зонада остүрүлүп жаткан ж-а остүрүүгө белгиленген порода коюлат. Бир мезгилде төлдөгөн ж-а бирдей жаштагы мал ылгоодон өткөрүлөт. П. с-дө негизги методикалык талап — тоюттандыруу ж-а багуунун бирдей шарты аркылуу тигил же бул породанын артыкчылыгы аныкталат. П. с. процессинде мал тез жетилгичтиги, жаш малдын байырланышы, продукциясынын көлөмү ж-а сапаты, тоют чыгымы, механикалаштырылган иш мал чарбада багуунун ж-а тоюттандыруунун прогресстүү технологиясына көнүгүшү ж. б. б-ча баалanат. П. с-догу алгачкы натыйжа 2—4 жыл аралыгында алынат. Айрым сапаттары б-ча (ылаңса туруктуулугу, чарбада пайдалануу узактыгы, байырланышы ж. б.) узак убакытка (2—3 муунга) чейин сыноодон өткөрүү зарыл, к. *Порода.*

ПОРОНИН (Пороніно) — Польшанын Краков воеводдугундагы курорт. Закопане ш-на жакын, Карпат тоо этегине жайгашкан. 1913-жылдын жайында ж-а 1914-ж. П-дин жанындагы Белый Дунаецте В. И. Ленин жашаган. Бул жерде 1913-ж. РСДРП БКнын парт. кызматкерлер м-н өткөргөн Поронин («Август» же «Жайкы») кеңешмеси болгон. Бул тарыхый кеңешме өткөн үй азыр В. И. Ленинди музейи.

ПОРОШОК МЕТАЛЛУРГИЯСЫ — техниканын бир тармагы. П. м-на металл ж-а металл сыяктуу бирикмелерден, чала фабрикат металлдардын порошок даярдоо ж-а алардын негизги компоненттерин эритпестен буюмдар даярдоочу методдордун жыйындысы кирет. Мында жог. темп-рада бышыруу ж-а басым м-н иштетүү технологиялары колдонулат. П. м-ның технологиясына төмөнкү операциялар кирет: алгачкы металл порошогун алуу ж-а алардан белгилүү хим. составдагы ж-а техног. мүнөздөгү шихтаны (бирикмөнү) даярдоо; порошок шихтасын белгилүү формага ж-а өлчөмгө келтирип калыптоо; аны бышыруу (б. а. эрүү темп-расынан төмөнкү темп-рада ысытуу) ж. б. Бышырылгандан кийин металл буюмдарынын мех. касиеттерин жогорулатуу максатында аны басым м-н иштетүү, кайталап термиялык, термохим. ж-а термомех. иштетүү операциялары да колдонулат. Порошокту даярдоо үчүн металлдар күюндуу, дирилдек ж-а шар формасындагы тегирмендерде талкаланып майдаланылат. Порошок алуунун дагы бир өркүндөтүлгөн методу—суюк металлды чачыратып кургатуу (калыптоо) үчүн атайын пресс-форма колдонулат. Формага келтирген ал материалдар суутек, кычкылтек катышкан атайын сактоочу чөйрөдө же вакуумда эрүү темп-расынын 70—80%ин түзгөн темп-рада бышырылат.

П. м-ның негизги артыкчылыгы: 1) башка методдор м-н алууга мүмкүн болбогон металлдарды (вольфрам, тантал ж. б.) алууга болот; 2) эң жог. тех.-экон. көрсөткүчкө ээ болгон материалдар алынат; 3) таза порошок материалдарын пайдалануу м-н керектүү составы толук сакталып, эч кандай башка кошунду кошулбаган таза бышырылган материалды алууга мүмкүн; 4) бышырылган материалдардын составы ж-а тыгыздыгы бирдей болгондо анын структурасынын өзгөчөлүгүнө байланыштуу ал материалдардын касиеттери эритип алынган материалдардыкынан бир кыйла жогору болот.

Ад.: Федорченко И. М., Андриевский Р. А., Основы порошковой металлургии, К., 1961; Кипарисов С. С., Либенсон Г. А., Порошковая металлургия, М., 1972.

ПОРОШОКТУУ МЕТАЛЛ МАТЕРИАЛДАР — *порошок металлургиясынын* методдору м-н алынган материалдар. Порошок металлургиясынын методдору м-н хим. составы, физ. касиеттери ж-а структурасы өзгөчө (каалагандай) болгон материалдарды алууга болот. Бул метод аркылуу жалаң заготовка м-н чала фабрикаттар алынбастан, андан ары иштетүү талап кылынбагандай биротоло даяр буюмдар да алынат. П. м. м. металл м-н металл эмес материалдардан, металл куймалары м-н эриген түрдө аралашпаган компоненттердин (мис., темир-коргошун, вольфрам-жез ж. б.) аралашмасынан турушу мүмкүн. Кээде П. м. м. эритүү аркылуу алынган материалдардан да ото сапаттуу (кээ бир тел кесүүчү болот. өтө бекем куймалар, бериллий ж. б.) материалдар иштеп чыгарылат. Азыр жез-графит композициялык материал (электр генератору, электр кыймылдаткычтарынын ток өткөрүүчү щёткалары), вольфрам-жез, күмүш-графит сыяктуу псевдокуймалар ж-а композициялык материалдар, майда көндөйлүү металл материалдар ушул ыкма м-н даярдалат. Бул материалдардын майда көндөйлөрүнө май толуп жакшы майлангандыктан, алар подшипниктер (вал. ж. б. айлануучу) ж. б. үчүн маанилүү материал болуп эсептелет. Эритүү аркылуу алынган металл материалдарга салыштырганда бир топ артыкчылыгы болгондуктан П. м. м-ын өндүрүү улам өркүндөтүлүүдө.

Ад.: Кипарисов С. С., Либенсон Г. А., Порошковая металлургия, М., 1972; Бальшин М. Ю., Научные основы порошковой металлургии и металлургии волокна, М., 1972.

ПОРТ (лат. portus — гавань, пристань) — 1) кемелердин жүгүн түшүрүү же жүктоо, аларды суу, отун ж. б. м-н камсыз кылуу, ремонт ж. б. тейлоо кызматтарын аткаруу үчүн деңизге чектеп аймакта жайгашкан курулмалар м-н түзүлүштөр комплекси. П. гражд. (соода ж-а промысель) ж-а аскердик (аскер кораблдеринин жайгашкан орду) болуп бөлүнөт. Соода П-у жүк (ар кандай ж-а атайын жүктөрго арналган), жүргүнчү (жүктөрү кошо), деңиздик, дарыялык, айкалышкан болуп айырмаланат. П. кемелердин саны, жүктү ж-а жүргүнчүлөрдү жөнөтүү жөндөмдүүлүгү, причалдын терендиги, узундугу, жүктогуч-түшүргүч каражаттардын саны, алардын жүк көтөрүмдүүлүгү, П. иштерин механикалаштыруу даражасы, жүк сактагычтардын болуму ж-а кемелерди тех. тейлоо м-н мүнөздөлөт. П-тун суудагы бөлүгү акватория, жээк жагы П. аймагы деп аталат. 2) П.— жүргүнчүлөр кирүүгө ж-а чыгууга, о. эле жүктү кабыл алууга ж-а жөнөтүүгө арналган кеменин бортундагы көзөнөк. Эски согуш кораблдеринде замбирек м-н атышуучу жай (замбирек П.).

ПОРТАЛ (лат. porta — кире берүү, дарбаза) — имаратка кире берүүгө арх-ралык жасалга. Байыркы Египет ж-а античный доордун П-дык жасалгалары жөнөкөй, жалпак антоолордон жасалса, байыркы Месопотамияда дарбазалуу П., Жакынкы ж-а О. Чыгышта пештак П-ы тараган. 11-к-дан роман, готика ж-а байыркы орус архрасында колонналары архивольттор м-н бириктирилген дарбазалуу (арочные) П. пайда болгон. Ренессанс ж-а барокко мезгилинде П. антаблементти, фронтонду көтөрүп турма пилястрга, колонналарга көшүлүп турган.

ПОРТО-НОВО — Бениндин (мурдагы Дагомея Респ-касынын) борбору, саясий (Котонудан кийинки), экон. ж-а маданий башкы жайы. Гвинея булуңунун жээгинде. Порт, т. ж. станциясы, автомобиль жолдор тоому. Калкы 120 миң (1976). А. ч. сырьёлорун иштеп чыгаруу, тамак-аш о. ж. ишканалары, самын з-ду, Бенин көлдөнмө иск-восун изилдөө ин-ту, китепкана, этногр. музей ж. б. бар. П.-Н. ж-догу маалымат 17-к-дан белгилүү.

ПОРТ-О-ПРЕНС — Гаити Респ-касынын борбору. Өлкөнүн саясий, экон. ж-а маданий башкы жайы. Гаити а-нын батышында. Калкы 458,7 миң (1975). Өлкөдөгү негизги порт. Т. ж. тоому. Тамак-аш (көбүнчө кант), текстиль, цемент о. ж. ишканалары иштейт. Мамл. ун-т, 3 жог. тех. мектеп, Улуттук консерватория, этногр. ил. из. ин-ту, Улуттук музей, Гаити элдеринин музейи ж. б. бар. П.-о-П-ти 1794-ж. француздар негиздеген.

ПОРТ-ОФ-СПЕЙН — Тринидад ж-а Тобаго мамлекетинин борбору (1962-жылдан); саясий, экон. ж-а маданий башкы жайы. Кариб деңизиндеги Тринидад а-нын түн.-батышында. Калкы 250 миң (1976-ж., шаар айланасы м-н). Порт, аэропорту бар. Ири нефть ажыратуу заводу, нефть-химия, тамак-аш (негизинен ром), жыгач иштетүү, текстиль о. ж. ишканалары иштейт. Кеме верфи бар. Вест-Индия ун-тинин Тринидад бөлүмү, политех. ин-т, ил. коомдор, Улуттук музей ж. б. бар. П.-оф-С. индеецтердин Конкерабия турак жайынын ордуна курулуп, 1783-жылдан шаар.

ПОРТРЕТ (фр. portrait — сүрөттөп көрсөтүү) — адабий чыгармада каармандын кебете-кешпиринин, кийим-кечесинин сүрөттөлүшү. Жазуучу каармандын турмуштук кырдаалга байланыштуу сырткы көрүнүшүн сүрөттөө м-н П-ти түзүп, ал аркылуу анын ички дүйнөсүн, мүнөз өзгөчөлүгүн ачат. Мындай П. демейде көркөм образдын түзүлүшүнө таяныч каражат катары роль ойнот, психол. П. деп аталат.

П.— бир же бир нече адамдын сүрөтүн тартууга арналган живопись, графика ж-а скульптура жанрынын бир түрү. П. жанрынын айрым чыгармалары да П. деп аталат. П-те бир эле учурда бир нече адам тартылышы мүмкүн (мис., коп. П., группалык П.— үч адамдан көп эмес персонаж тартылат). П-ке коюлган биринчи талап — жекече окшоштуктун берилиши. Сүрөт окшоштугу сыртқы белгилөр м-н гана чектелбестен, сүрөттөлүп жаткан адамдын жүзүнө психол. талдоо жүргүзүү м-н анын ички дүйнөсүн ачат. П-телген адамдын жекече өзгөчөлүгүн берүүдө, анын социалдык типтүү белгилерин көргөзүү м-н белгилүү доордун социалдык чөйрөсүнүн жалпылаштырылган тибинин облигы түзүлөт. П. жанры кулчулук доордо (Байыркы Египетте, Грецияда, Римде) калыптанып, *Кайра жаралуу* доорунда жаңы оболгу, жаңы күч м-н өнүккөн. 17-к-да П. жаратууда Рембрандт, Веласкес окшогон улуу чеберлер иштеген. 19-к-да Батыштын капит. иск-восунда П. жанрында томондоо башталып, импрессионизм доорунда формалисттик агымдардан тазаланат. Реалисттик П. орус иск-восунда К. П. Брюллов, О. А. Кипренский, В. Г. Перов, И. Н. Крамской, И. Е. Репин, В. А. Серовдун кыл калемдеринен жаралган. 19-к-дагы орус реалист иск-восунун салттарын улантып, живописчилер С. В. Малютин, М. В. Нестеров, И. И. Бродский, А. М. Герасимов, Н. А. Андреев, С. Т. Коненков, В. И. Мухина, график Г. С. Верейский ж. б. П. жанрынын өнүгүшүнө зор салым кошкон.

Кыргыз сүрөт өнөрүндө А. Усубалиев көрүнүктүү портреттерди жаратkan.

Ад.: Алпатов М. В., Очерки по истории портрета, М.—Л., 1937; Зингер Л. С., О портрете, М., 1969; Светлов И. Е., Советский скульптурный портрет, М., 1968.

ПОРТ-САИД — Египеттин түн. чыгышындагы шаар. Жер Ортолук деңиздин жээгинде, Суэц каналынын түн. жаккы башталышында. Порт-Саид мухафазынын админ. борбору. Калкы 313 миң (1970). Эл аралык маанидеги соода-транспорт борбор. Тышкы соода көлөмү б-ча өлкөдө 3-орунда (Александрия м-н Суэцтен кийин). Тамак-аш, текстиль, кеме куруу ж. б. ишканалар бар. П.-С. 1859-ж. негизделген.

ПОРТСМУТ ТЫНЧТЫК КЕЛИШИМИ (1905) — Россия м-н Япония ортосунда 1905-ж. 23-августта (5-сент.) Портсмут ш-нда (АКШ, Нью-Хэмпшир штаты) түзүлгөн. Аны м-н орус-япон согушун (1904—05) алктаган. Согуштун жүрүшүндөгү жеңилүүлөр ж-а өлкөдөгү рев-яның башталышы Россияны тынчтык келишим түзүүгө аракеттенген. Сүйлөшүүлөр 1905-ж. 27-июлда (9-авг.) башталган. П. т. к. б-ча Россия Японияга Ляодун ж. а-н, Түш. Маньчжур т. ж-н, Сахалиндин түш. бөлүгүн арендалоо укугун берген. Корея Японияның таасир этүү чөйрөсү деп таанылган. О. эле Россия Япония м-н балык уулоо конвенциясын түзүүгө милдеттенген. Япония мурдагы бир катар талабынан (бүткүл Сахалинди алуу, контрибуция төлөтүү, Россиянын Ы. Чыгыштагы согуш-деңиз күчтөрүн чектөө ж. б.) баш тартkan. П. т. к. падыша өкмөтүнө 1905—07-жылдагы рев-яны басууга жардам берген.

Ад.: История дипломатии, 2 изд., М., 1963; Кутаков Л. Н., Портсмутский мирный договор, М., 1961.

ПОРТУ, Опорто — Португалиянын түндүгүндөгү шаар. Дору (Дуэро) д-ның Атлантика океанына куйган жеринде. Калкының саны ж-а экон. мааниси жагынан өлкөдө Лиссабондон кийинки экинчи шаар. Калкы 0,5 млн (шаар айланасы м-н, 1972-ж.). О. ж-ның негизги тармактары: текстиль, машина куруу (кеме, электр тех. ишканалары ж. б.), шарап чыгаруу. Балык консерва, химия, айнек, кагаз, булгаары бут кийим, кийим тигүү ж. б. ишканалары иштейт. Ун-т бар. П-нун тарыхы б. з. ч. 1-к-дан башталат.

ПОРТУГАЛДАР — улут, Португалиянын негизги калкы. Жалпы саны 10,5 млн (1975). 9 млн-чусу Португалияда, калгандары Америкада, Бразилияда, Португалиянын Африкадагы мурдагы эзелктеринде, Азиянын көз бир топ мамлекеттеринде жашайт. *Португал тилинде* сүйлөшөт. Көпчүлүгү католиктер. П-дын этногенезине кельттердин тааспири тийген лузитан уруулары катышкан. Свевдер м-н вестготтордун (5—8-к.), Португалиянын түш. бөлүгүнө арабдардын (8—12-к. 1-жарымы) этностук таасири тийген. 12-к-да Португалия жеринде өзүнчө мамлекет пайда болуп. П. түзүлө баштаган. Өлкөнүн 1584—1840-ж. Испанияга, 18—19-к-да Улуу Британияга көнкөр болушунан улам П-дын улут катары калыптанышы 19-к-дын аягына чейин созулган. Улуу геогр. ачылыштар убагында П-дын көбү Азия, Африка, Латын Америкасындагы Португалия басып алган жерлерге кеткен. П. бразилиялыктардын улут катары калыптанышында белгилүү роль ойногон.




ПОРТУГАЛИЯ, Португалия Республикасы — Европанын эң четки түш.-батышындагы мамлекет. Пиреней ж. а-ның батышын. Азор ж-а Мадейра а-дарын ээлеп жатат. Чыгышынан ж-а түндүгүнөн Испания м-н чектешет. Атлантика океаны чулгайт. Аянты 92 миң км², анын 3,4 км² аралдар. Калкы 9 млн (1977). Борбору — Лиссабон (калкы 1,5 млн). Админ. жактан 22 округга бөлүнөт.

Мамлекеттик түзүлүшү. П.— республика. 1976-ж. кабыл алынган конституциясында өлкөдө демокр. түзүлүштү камсыз кылуу ж-а соц. коом куруу көрсөтүлгөн. Анда негизги коомдук каражаттарын, жер байлыктарын коомдук менчикке айландыруу принциптери жарыяланган. Мамлекет башчысы — президент. Ал — рев-ячыл советтин пред-ли ж-а куралдуу күчтөрдүн башкы командачысы. Закон чыгаруучу бийлик — Респ-ка Ассамблеясына таандык. Аткаруучу бийлик өкмөтко таандык. Премьер-министрин президент дайындайт. Рев-ячыл совет—президенттин алдындагы кеңеш берүүчү орган.

Мамл. гербин ж-а мамл. желегин к. *Мамлекеттик герб, Мамлекеттик желек* макалаларынын таблицасынан.

Табияты. Түн. бөлүгүндө бийик. 1000—1200 *м* келген Месета боксо тоосунун (эң бийик чокусу 1991 *м*) чет-жакасы, Тежу д-нан түштүгүрөөк Португал түздүгү, эң түштүгүндө Серра-да-Алгарви боксо тоосу жатат. Кен байлыктары: вольфрам, калай, пирит, жез, темир, уран ж. б. Климаты субтропиктик. Жайы ысык, жаанчачындуу. Январдын орт. темп-расы 5—11°С, июлдуку 20—29°С. Жылдык жаан-чачыны: 400—800 *мм* (батышында), 1200—2500 *мм* (тоолордо). Ири дарыялары: Дору (Дуэро), Тежу, Гвадиана. Түндүгүндөгү тоолуу райондордо күл топурак, борб. ж-а түш. райондорунда боз ж-а күрөң топурак




басымдуу. Өсүмдүктөрүнөн шалбаа, маквис; тоолордо эмен, мырза карагай, ксерофит өсүмдүктөрү осот. Жаныбарлары: карышкыр, түлкү, суур, коён ж. б.

Калкы. Элинин 99% португалдар. Алардан башка 50 миңдей чет элдиктер жашайт. Мамл. тили — португал тили. Дини — католицизм. Орт. жышт. 1 км²ге 98 киши. Шаар калкы 47,5%, ири шаарлары: Лисабон, Порту.

Тарыхы. П. аймагын адам палеолит доорунда мекендеп, б. з. ч. 1-миң жылдыкта анда лузитан уруулары жашаган. Б. з. ч. 3-к-дын аягында П-га римдиктер басып кирип, Лузитания провинциясын негиздешкен. 5-к-дын башында П. аймагын свевдер каратkан. 713—718-ж. П-ны арабдар басып алган. Реконкистанын жүрүшүндө арабдардан бошотулган П. аймагы 11-к-дын ортосунда Леон королдугуна өткөн, ал 1143-ж. П-нын өз алдынча королдугун тааныган. 13-к-да П. аймагы маврлардан толук бошотулган соц сословиелик монархия, кортестер түзүлүп, католик чиркөөсүнүн ролу күчөгөн. Бул мезгилде П. эли ж-а ашын мад-ты калыптанып, акча-товар мамилелери өнүккөн. 14—15-к-да П. короллору католик чиркөөсүнө таянып, мамлекетти бөрбөрдөштүрүү саясатын жүргүзгөн. Король Мануэл I башкарган мезгилде (1495—1521) П. колон. күчтүү империяга айланып, 15—16-к-да П. Африка (Гвинея, Ангола, Мозамбик), Америка (Бразилия) ж-а Азияда (Индия ж-а Кытай) бир катар жерди каратkан. Бирок 16-к-дын ортосунда П. экон. жактан начарлай баштаган. П. 1581—1640-ж. Испанияга, 18-к-дын башында Англияга караган. Ары 1807-ж. Франция м-н Испания биргелешип басып алган. П. эли баскынчыларга каршы көтөрүлүп, 1811-ж. француздарды сүрүп чыгарган. 1820-жылдагы бүрж.-рев-ялан кийин П-да конституциялык монархия орногон. П-да 19-к-дын экинчи жарымынан капитализмдин өнүгүшү м-н соц. ыйымал болуп, 1875-ж. соц. партия, 1876-ж. П. респ-качыл партиясы түзүлгөн. 1910-жылдагы бүрж.-рев-я монархияны кулатып, респ-калык түзүлүштү орнотkон (1910, 5-окт.). Биринчи дүйн. согушта (1914—18) П. Антанта тарабында согушкан. 1921-ж. *Португалия коммунисттик партиясы* (ПКП) негизделген. 1932-ж. өкмөт башына О. Салазар келип, ири буржуазия м-н помещиктердин кызыкчылыгын көздөгөн «Улуттук союздан» (1930-ж. түзүлгөн) башка саясий партияларга тыюу салган.

Экинчи дүйн. согушта (1939—45) П. өкмөтү бейтарап саясатты жүргүзүүгө аракеттенсе да, м-н иш жүзүндө фаш. Германиянын колдогон. П.—1949-жылдан Түн. Атлантика (НАТО) блогуна мүчө. 50-жылдын аягында П-нын колонияларында улуттук-бошотуруш күч алып, бир катар олке азаттыкка чыккан. Өлкөнүн ичинде фаш. салсаткa каршы күрөш күч алып, фаш. режим кулаган соң (1974, 25-апр.) генерал ди Спинола башында турган Куткаруу совети түзүлүп, фаш. күчтөргө сокку урулган ж-а демокр. эркиндиктер жарыяланган. Майдын ортосунда жаңы өкмөт түзүлүп, ага өлкөдөгү саясий партиялардан өкүлдөр, ПКПнин ген. секретары А. Кунъял ж-а соц. партиянын ген. секретары М. Соариш ж. б. кирген. Өлкөдө кенири кайра түзүүлөр жүргүзүлө баштаган. Реакциячыл күчтөрдүн согуштук төңкөрүш жасоо аракеттери (1974-ж. 27-сент. — 1975-ж. 11-март) ишке ашпаган. Бир катар колониялардын (Гвинея-Висау, Мозамбик, Ангола) улуттук көз карандысыздыгы таанылган ж-а калгандарын бошотуучулукка чыгаруу мөөнөтү белгиленген. СССР м-н П. ортосунда 1974-ж. дипл. мамиле түзүлүп, соода келишимине кол коюлган. П. — 1955-жылдан ООНго мүчө.

1975-ж. өлкөдө саясий күрөш күч алып, Улуттук-демокр. рев-я Батыштын импер. чөйрөлөрүнө таянган өлкөдөгү реакциячыл, консервативдүү күчтөргө каршы күрөшкөн. 11-мартта оңчул офицерлердин төңкөрүш жасоо аракети ойрондолуп, 11-апрелдеги Уюштуруу чогулушуна шайлоодо өкмөттүк партиялардын коалициясы жеңген. Жайында ПСПнин лидерлери ырк бузар саясат жүргүзүп, 10-июлда өкмөттөн чыгып кеткен ж-а ПКПге каршы чабуулга өткөн. ПКП өлкөдөгү реакциячыл күчтөргө, өзгөчө оңчул террордук уюмдарга каршы күрөшүп, өлкөнүн бардык аймагында демокр. эркиндикти, гражд. укукту рев-ялын жеңиштерин коргоо милдеттерин белгилеген. Коммунисттердин ж. б. солчул күчтөрдүн реакцияга каршы күрөшүнүн натыйжасында 1976-ж. жазында өлкөнүн жаңы конституциясы кабыл алынып, рев-ялын башкы жеңиштери: ө. ж-нын негизги тармактарын мамлекеттештирүү, жер реформасы жүргүзүлүп, ишканаларда жумушчу контролдугу, демокр. эркиндик бекемделген.




Португалия коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин үйү.

Саясий партиялары жана профсоюздары. П. соц. партиясы (ПСП), 1973-ж. негизделген. С.-д. партия (СДП), 1976-жылга чейин Элдик-демокр. партия, 1974-ж. түзүлгөн. С.-д. борбор (СДБ)—оңчул партия. 1975-



Портрет макаласына. С. М. Чуйков. «Калык Акыев». 1939. Кендир, май боёк.




1



2



3



4

Портрет макаласына. 1. И. Е. Репин. «Тарыхчы С. М. Соловьёвдун портрети». 1880. Кендир, май боёк. КМСИМ. 2. А. Усубалиев. «Химик К. Сулайманкуловдун портрети». 1965. Кендир, май боёк. 3. А. Н. Михалёв. «Кайыр апа». 1967. Акварель. 4. С. Акылбеков. «Колхозчу С. Моминованын портрети». 1946. Кендир, май боёк.

жылдын башында уюшулган. П. коммунисттик партиясы (ПКП), 1921-ж. негизделген. Дагы бир топ партиялар бар. П. эмгекчилеринин жалпы конфедерациясы — Улуттук интерсиндикал, 1977-ж. түзүлгөн.

Экономикасы. П-ның экономикасының чет элдик капиталга күнкор болушу узакка чейин өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүнө тоскоол болгон. 1974-жылдан өлкөдө социалдык ж-а экон. өзгөрүштөр болууда. Көпчүлүк майда, орто о. ж. ишканалары (текстиль, тигүү, булгаары бут кийим, жыгач иштетүү, кагаз) тех. жактан начар жабдылган. Электр энергиясы 1976-ж. 11,2 млрд *квт·са* жеткен. Кара металлургия б-ча бир гана ишкана (Сейшал ш-нда), жез, калай ж-а алюминий з-ддору бар. Машина куруу ж-а металл иштетүү о. ж-нан кеме куруу ж-а кеме ремонттоо (Лисабон ш-нда), автомобиль жыйноо, электр тех., радио электрон жабдуулары, химия о. ж. (жасалма була, пластмасса, күкүрт к-тасы, жер семирткич ж. б.) өнүккөн. Кебезден кездеме токуу (Порту, Брага, Гимарайнш ж. б.) жүн (Гуарда, Ковильян), булгаары бут кийим, тигүү о. ж. ишканалары иштейт. Тамак-аш (шарап, зайтун майын алуу, балык консервалоо), цемент, айнек, фарфор, карапа ж. б. о. ж. тармактары бар.

Иштетүүчү жери 4370 миң *га*, шалбаа м-н жайыт 530 миң *га;* токой 2500 миң *га*. Жүзүм, зайтун дарагы, цитрус өсүмдүктөрү ж. б. өстүрүлөт. Буудай, жүгөрү, кара буудай, шалы эгилет. 1976-ж. 1,2 млн уй, 2,1 млн чочко, 2,3 млн кой болгон. Балык кармалат. Токой чарбасынан пробка (тыгын) жасоо өнүккөн. Т. ж-нун уз. 3,6 миң *км* (1977), автомобиль жолу — 42 миң *км* (1973). Ири порттору — Лисабон, Порту. Эл аралык маанидеги аэропорту бар. Тышка чала фабрикат, дары продукция, шарап, ичимдик, жашылча-жемиш, пробка ж-а иштетүү о. ж-нын продукциясы, электр жабдууларын ж. б. чыгарып, өзүнө о. ж. ж-а транспорт жабдууларын, нефть продуктуларын, кара металл, сырьё, чала фабрикат, металл, электр жабдууларын алат. Соода шериктери: Улуу Британия, ГФР, Франция, Италия, АКШ. Кийинки жылдары соц. мамлекеттер м-н соода байланышы өсүүдө.

Акча бирдиги — эскудо. 100 эскудо=1,72 сом (1978).

Саламаттык сактоосу. Саламаттык сактоонун бүткүл дүйн. уюмунун маалыматы б-ча 1973-ж. миң кишиге төрөлгөндөр 20,1, өлгөндөр 11,1, тирүү төрөлгөн миң балага балдардын өлүмү 49,8ди түзгөн. Өлүмдүн негизги себеби: жүрөкөн тамыр, рак ж. б. оорулар. Туберкулёз, безгек, келте ж. б. жугуштуу оорулар көп тараган. 1971-ж. 54,5 миң орундуу 619 ооруканада (миң кишиге 6,3 орун) иштеген. Алардын 40%ине каражатты мамлекет берет. 66 саламаттык сактоо борбору, 2028 мед. пост, 9 миң врач (960 кишиге 1 врач), 2,6 миң фармацевт, 5 миңден ашык орто мед. кызматкер иштеген (1972).

Эл агартуусу. 7—13 жаштагы балдарын милдеттүү окуусу ж-дө 1952-ж. кабыл алынган закон фаш. режим кулатылганга чейин ишке ашкан эмес. Калктын 38% сабатсыз болгон. Жаңы өкмөт сабатсыздыкты жоюу, мектептерди көбөйтүү б-ча иш чараларды белгилөөдө. Билим берүү системасында католик чиркөөсүнүн таасири чоң. Мамл. мектептер м-н катар жеке менчик мектептер да бар. Башталгыч мектеп 6 жылдык, анын мугалимдери 2 жылдык пед. окуу жайы даярдайт. Орто мектеп ачылуу. 2 циклден турат (5+2). П-да 5 ун-т: Коимбрде, Лисабондо (3 ун-т), Порту ш-нда. Алардын эң ирси—Лисабон ун-ти. Булардан башка ин-т; Улуттук консерватория бар.




Лисабон. Шаардын жалпы көрүнүшү.

Ири китепканасы — Лисабондогу (1976) Улуттук китепкана. Этногр., Байыркы ж-а азыркы иск-во, арх-я, аскер ж. б. музейлери бар.

Басма сөз, радио уктуруу, телекөрсөтүүсү. П-ның 1976-ж. Лисабондо чыккан газеталары: Португалия компартиясынын борб. органы — «Авante» (1931-ж. негизделген), өкмөттүк атайы орган — «Диариу ду говерну» (1820). «Диариу ди потисиаш» (1864). «Диариу популар» (1942). о. ж. соода чөйрөсүнүн органы — «Жорнал ду комерсиу» (1853). Соц. партияга таламдаш «Жорнал нову» (1975). оңчул соц. «Лута» (1975). Элдик демокр. партия органы — «Нову диврн» (1974). «Республика» (1911). «Секулу» (1880). Соц. партия органы — «Португал сосиалиста» (1975). жумалыгы. Улуттук кабар агентствосу — АНОП (1975) АНИ агентствосунун базасында (1947-ж. негизделген) уюшулган. П-ның радио уктуруу ж-а телекөрсөтүүсү 1974-жылдан өкмөттүн көзөмөлүндө.


Маданияты. П-ның алгачкы ад-тынын улгулөрү — А. Жиралдиштин (14-к.) испан-португал аскерлеринин арабдарды жеңгендиги ж-лөгү баатырдык поэмасы ж-а элдик лирикалык ырлар: косант, романс ж. б. 16-к-дын ортосунда экономикадагы ж-а салсаттагы кризистен улам П. ад-тынын кедери кетип, ад-тта мистикалык маанай өкүм сүргөн.

Ф. ди Аррууда. Лисабондогу Торри ди Белен мунарасы. 1515—20.



18-к-дын ортосунда португал ад-тына Агартуу идеялары кире баштаган. Ал Лисабон Аркадиясы (1756—64). Жаңы Аркадия (1790-жылдан) ж. б. адабий кружок мүчөлөрүнүн чыг-ларында чагылган. П. ад-тында 19-к-дын 20-жылдарында романтизм гүлдөгөн. Ага негиз салган «Камоэнс» (1852), «Дона Бранка» (1826) деген патриоттук поэмалар м-н «Ауту Жила Висенте» (1838) аттуу тарыхый драманын автору Ж. Б. Алмейда-Гаррет (1799—1854). 19-к-дын ортосунда П. ад-тында жаңы багытка кызыгуу күч алган. Романтизмди жактагандарга каршы чыгып, реалисттик метод үчүн күрөшкен Ж. Диниш (1839—71), С. Верди (1855—86), Ж. М. Эса ди Кейруш (1843—1900) өндүү жазуучулар чыккан. П. ад-тында 20-к-да декаденттик багыт пайда болуп, Ф. Песоа (1888—1935) ж-а М. ди Са-Карнейру (1890—1915) деген чоң лирик акындары адепки чыг-ларын бүт үшул багытта жазган. 20-к-дын 40-жылдарында модернисттерге каршы күрөштө неореалист жазуучулар тобу пайда болуп, ал 60-жылдарга чейин П-ның прогрессчил ад-тында негизги орун ээлеген. Ал топтун акын өкүлдөрү: Ж. Гомиш Феррейра (1900-ж. т.), А. Редол (1911—69), С. Перейра Гомиш (1909—49), Ф. Намор Гонсалвиш (1919-ж. т.) ж. б. П-да фаш. режим кулатылгандан кийин (1974) алдыңкы жазуучулар демокр. түрмушту чагылдырууга белсене катыша баштаган.

Палеолит доорунан Кантабрия (Испания) ж-а Аквитаниянын (Франция) алгачкы иск-восуна түспөлдөш аска беттериндеги жазуулар, неолиттен дольмендер, карападан жасалган идиштер сакталган. В. э. ч. 1-миң жылдыкта лузитан уруулары тегереги бекемделген коргондорду курушкан. 12-к-да ал коргондор шаарга айланган. Ар бир басып алуучу-



Лисабондогу сепил (14-к-дан Сан-Жоржи сепили). 9-к.

лар П. арх-расынын жерг. салттагы таш водчествосуна өз өнөрүн кошкон. Мис.: римдиктер Эворадагы Диана храмын; (б. э. ч. 2—3-к.), вестготтор базиликаларды, арабдар сокмо тамдарды салган. 12—14-к-да арх-рада роман стилинде монастырлар, храмдар курулган. Кийин ал улуттук «мануэлино» (король Мануэл Инин түшунда, 1495—1521) стили м-н алмашылган. 17—18-к-да шаар куруу ири жанданып, пландуу түрдө үйлөр салынган. Накта шаар куруу өкүнчү дүйн. согуштан кийин башталган.

Сүрөт өнөрүндө 17—18-к-да монументтүү жыгач ж-а таш скульптура (Ж. Машаду ди Каштру, А. Феррейра) өнүккөн. 1820-жылдагы бурж. рев-я м-н Португал романтизминин ири өкүлү Д. А. Сикейронун чыг-лыгы тыгыз байланыштуу. 19-к-дын аягы — 20-к-дын башында П-ның сүрөт өнөрүндө реалисттик багыт (А. Саприж душ Рейштин скульптурасы, А. К. да Силва Порту м-н Ж. М. да Силва Олнвейранын пейзаждары ж-а жанрдык композициялары) пайда болгон. Фаш. режим кулагандан кийин бир катар иск-во чеберлери өлкөнүн прогрессчил-демокр. жолго түшүүсүнө чоң салым кошууда.

П. музыкасы испан музыкасы м-н тектеш болгондуктан байыркы салтка бай,



В. Фернандиш. «Ыйык Петр». 16-кдын баш чени. Гран Вашку музейи.

ар түркүн. Аспаптык жанрга караганда ыр, ыр-бий кеңири өнүккөн. Ырдын өтө белгилүү формасы — фаду (гитара м-н белгиленген ыр), бийи — вира. Эл аспаптары: гитара, виола, кавакинью (кылдуу); гайта, волынка (үйлөмө), забумба, тамборил (урма), пандейру, адуфи (сыбызгы). 20-н-цагы белгилүү комп-лор: Ж. Виана да Мота, О. да Силва, К. Карнейру, Ф. Лопиш Граса ж. б. Пианист аткаруучулардан С. Кошта ж. б. белгилүү. Лисабондо «Сан-Карлуш» опера театры (1793-ж. негизделген), Улуттук консерватория (1835), муз. академия, бир нече муз. коом бар.

Улуттук театрдын негиздөөчүсү драматург, актёр, комп. Ж. Висенте болгон. 19-к-па Ж. Б. Алмейда-Гарреттин демилгеси м-н Лисабондо Драма өнөрүнүн консерваториясы, 1846-ж. Королева Мария Пиин Улуттук театры ачылган. 20-к-дын 1-жарымындагы белгилүү актёрлору: Р. Монтейру, А. Рей-Коласу, Л. Симоиш, П. Баштуш, М. Матуш, А. да Кунья, Э. Брага, Р. Паулу. Лисабондо Улуттук эл-дик театр. Көркөм театр ж. б. иштейт.

1909-ж. «Португалия-фильм» фирмасы түзүлгөндөн кана кино тарыхчысы чыга баштаган. 20—30-жылдарда иштеген көрүнүктүү режиссёрлор: Л. да Барруш, М. ди Оливейра ж. б. («Макао Аника», 1942; «Анчылык», 1965 ж. б.). 60-жылдары рек. Ф. Лопиш, Э. ди Суза, П. Рошалар кино өнөрүнүн социалдык ж-а көркөм жактарына көңүл бурган.

Ад.: Португалия, в кн: Страны мира. Краткий полит.-экон. справочник. М., 1975; Кунья А., Очерки по аграрному вопросу, пер. с португ., М., 1966; Кунья А., Путь к победе, пер. с португ., М., 1967; Коломиец Г. Н., Очерки новейшей истории Португалии. М., 1965; Португальская поэзия 20 в., пер. с португ., М., 1974; Всеобщая история архитектуры, т. 4, Л.—М., 1966, т. 5, М., 1967, т. 7, М., 1969.

ПОРТУГАЛИЯ КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫ (ПКП) 1921-ж. негизделип. 1922-ж. Коминтерне кирген. 1926-жылдагы согуштук төнкөрүштөн кийин жашыруун иштеген. 1929-ж. апрелде өткөн Улуттук парт. конф-ядан кийин ПКП чыныгы маркстик-лениндик багытка өтүп, жумушчу кыймылына жетекчилик кылган. 1940—41-ж. партияда кайра түзүү иштери жүргүзүлгөн. ПКПнин 3-съезди (1943, ноябрь) жашыруун иштөөнүн кыйынчылыктарына карабай масса ж-а ар түрдүү антифашист уюмдар м-н байланышты күчөтүү зарылдыгын белгилеген. Съездде биринчи жолу БК шайланган (мурун секретариат башкарган). ПКПнин 4-(1946), 5-(1957), 6-(1965) съезддеринде өлкөдөгү фаш. режимди кулатуу жолдору эң негизги маселе катары каралган. 6-съезде жаңы программа кабыл алынып, фаш. режимди куралдуу күч м-н (ыгы келсе, тынчтык жол м-н) кулатуу белгиленип, өлкөдө социализм м-н коммунизмди куруу ПКПнин түпкү максаты деп каралган. Португалияда фаш. режим кулаган соң (1974, 25-апр.) ПКП өкмөт составына кирген. Партиянын 7-съезди (1974, 20-окт.) рев-ляция жеңишин камсыз кылуу үчүн эл массасынын, прогрессчил уюмдардын армия м-н биримдигин камсыз кылуу зарылдыгын корсөткөн. Анын 9-съезди (1979, 31-май — 3-июнь) өлкөдөгү саясий ж-а социалдык-экон. абалды талдап, рев-ляция жеңгендерин өнүктүрүү ж-а чыдоо платформасын сунуш кылды.

ПКПнин делегациясы Коммунисттик ж-а жумушчу партияларын эл аралык кеңешмелерине (1957, 1960, 1969, Москва) катышып, алардын документтерин жактырган. ПКПнин жог. органы — съезд, анын аралыгында БК. Борб. органы — «Аванте!» (*«Алга!»*) газетасы.

ПОРТУГАЛ ТИЛИ — *португалдар* м-н *бразилиялыктардын* тили. Португалияга, Галисияга, Бразилияга, Африкага (Ангола, Мозамбик, Гвинея-Бисау, Сан-Томе, Принсипи) ж-а Азияга (Аомынь ж-а Тимор) таралган. *Роман тилдеринин* ибер-роман топчосуна кирет. 110 млн-дон ашуун киши (1973) сүйлөйт. Байыркы жазма дареги — 1192-жылдагы иш кагаздар. Адабий тили 16-к-да калыптанган. Бразилияга П. т. 16-к-дан баштап таралып, 19-к-да жерг. индеец тилдерин дээрлик бүт сүрүп чыгарган. Бу тилдин португал ж-а бразилия тилдери деген эки варианты бар. Айырмасы фонетика м-н лексикада. Португалиядагы П. т. үч диалектиден турат. Жазмасы латын графикасынын негизинде түзүлгөн.

Ад.: Вольф Е. М., Никонов В. А., Португальский язык, М., 1965; Катагощина Н. А., Вольф Е. М., Сравнительно-сопоставительная грамматика романских языков. Иберо-романская подгруппа, М., 1968.

ПОРТ-ХАРКОРТ — Нигериянын түштүгүндөгү шаар, Речной штатынын админ. борбору. Калкы 179,6 миң (1973). Биафра булуңунун жээгиндеги порт. Тамак-аш (пальма майы, тамеки), металл иштетүү, нефть ажыратуу, цемент о. ж. ишканалары иштейт. Нефть промыселинин борбору. П.-Х. аркылуу башка өлкөлөрө нефть, таш көмүр, калай концентраты, колумбит, пальма майы жөнөтүлөт.

ПОРФИР (гр. porphýreos — кыпкызыл, кара кочкул) — палеотиптүү кычкыл эффузив тоо тектеринин жалпы аты. П-ге айнек сымал негизги масса ж-а аны арасында ортоклаз м-н кварцтын, о. эле биотит ж-а роговой обманканын призмалык кристаллдарынын болушу (порфир структурасы) мүнөздүү. П. ортоклаздуу жө ортофир (*трахиттин* аналогу) ж-а кварцтуу П. (*липариттин* аналогу) болуп ажыратылат. П. жегичтүү талаа шпаты, кычкыл плагиоклаз кварц ж-а биотиттен турат.

ПОРФИРИТ — палеотиптүү эффузив тоо теги. Андезитке окшош; составында кварц болбойт. Негизинен жаңар тоо айнегинен туруп, арасында андезинден, чаңда пироксендин ири кристаллдары болот. Составына жараша плагиоклаздуу, роговой обманкалуу, пироксендүү П. болуп ажыратылат. П. бүктөлүү ж-а платформа аймактарында кеңири тараган. Кырг-нда Тескей, Кунгөй, Кыргыз Ала-Тоолору ж. б. жерлерде кездешет. Курулуш материалы катары пайдаланылат.

ПОРШЕНДҮҮ МАШИНА — жумуш аткаруучу перспин (газдын, буунун, суюктуктун) энергиясын өзгөртүүчү б-ча негизги иштөөчү поршень аткарган түзүлүш. Поршень алга-артка жылган кезде П. м-нын цилиндрининчиндеги камеранын көлөмүнүн өзгөрүшү м-н бирге жумуш аткаруучу перспин параметрлери (басым, температурасы ж. б.) өзгөрөт. П. м. иштеген кезде жумуш аткаруучу перспин энергиясы төмөндөшү (кыймылдаткычта) же жогорулашы (насосто, компрессордо ж. у. с.) мүмкүн. Жумуш аткаруучу перспин цилиндрге киргизилиши ж-а чыгарылышы клапандын, золотниктердин же поршендин өзүнүн жардамы м-н болуштүрүүчү түзүлүш аркылуу жөнгө салынып турат. П. м-нын көчүлүүдө поршень муунактуу вал ж-а кривошиптүү механизм м-н байланыштуу болот да, анын жардамы м-н поршендин алга-артка жылма кыймылы валдын айлануу кыймылына өтөт.

ПОРШЕНЬ — машинанын же прибордун цилиндрдин туурасынан кесилишин жылчыксыз жаап, анын өгүн бойлото алга-артка жылып туруучу кыймылдуу тетиги. П. поршендүү машиналарда ж-а механизмдерде бир түрдөгү энергияны экинчи түргө айландырууда колдонулат. Көчүлүк поршендүү машиналарда П. муунактуу вал м-н кинематикалык байланышта болот. Ал кинематикалык байланыш поршендин алга-артка жылуучу кыймылын валдын айланма кыймылына өзгөртүүчү механизмдин жардамы м-н жүргүзүлөт. П-дин цилиндрдик жылчыксыз бекитилишин поршень шакекчелери камсыз кылат.

ПОСАД — 10—18-к-дагы орус шаарларынын соода-кол өнөрчүлөр бөлүгү; 15-к-дан 18-к-га чейин анда жашоочулар посад адамдары деп аталган.

ПОСАЛ АДАМДАРЫ, к. *Посад.*

ПОСМИТНЫЙ Макар Анисимович [19(31). 1. 1895, аярык Одесса обл., Березовский р-ну, Жугастрово кыш.— 3. 4. 1973, өлүп эле р-н, Рассвет кыш.] — Украинадагы колхоз өндүрүшүнүн уюштуруучусу, УССРдин Одесса обл., Березовский р-пундагы

Ленин ордендүү КПССтин 21-съезди атп. к-здун пред-ли, экн жолу Соц. Эмг. Баатыры (1949, 1958), УССРнин а. ч-на эмг. сиң. ишмери. 1931-жылдан КПСС мүчөсү. 1924-ж. Розквит кыш-ида ТОЗ (жер шериктештигин) уюштуруп, аны ири коллективдүү чарбага айландырган. Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. 1945-жылдан Будённый атп., кийинчерээк КПССтин 21-съезди атп. к-здун пред-ли. 1935—37-ж. СССР БАКтын мүчөсү. КПССтин 19—24-съезддеринин делегаты. СССР Жог. Советинин (4—8-шайл.) депутаты. Украина КП БКнын мүчөлүгүнө бир нече жолу шайланган. Үч Ленин ордени, Октябрь Революциясы, башка 4 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

ПОСОБИЕ — СССРде закондо көрсөтүлгөн учурда граждандарга төлөнүүчү акча каражаты; карыганда, ооруп калганда ж-а эмгекке жарамдуулугун жоготкондо ж. б. учурдагы материалдык камсыздоонун бир түрү. П. төлөнүү максатына байланыштуу 3 топко бөлүнөт: 1) мамл. пенсия албаган ж-а жашоо каражаты жок карыларга, инвалиддерге, жашынан инвалид болгондорго, лепра ооруулуларга төлөнүүчү П. Мунун пенсиядан айырмасы — мурдагы иш-аракетине же башка коомдук пайдалуу ишине байланышпастан дайындалат ж-а төлөнөт. 2) Ишке убактылуу жарамсыз, о. эле боюнда бар ж-а төрөгөн аялдарга төлөнүүчү П. 3) Балалуу үй-бүлөгө төлөнүүчү П. Көп балалуу ж-а жалгыз бой аялдарга ай сайын ж-а бир жолу төлөнүүчү П; каражаты жетишсөрлик эмес үй-бүлөнүн, аскер мээнөтүн өтөп жаткандардын балдарына төлөнүүчү П. Мындан башка да бир жолу берүүчү П. бар (мис., бала төрөлгөндө, өлгөндү көмүүгө берилүүчү П.).

ПОСПЕЛОВ Пётр Николаевич [8(20). 6. 1898, Копаково, азыркы Калинин обл.— 23. 6. 1979, Москва]—советтик парт. ж-а пл. ишмер. СССР ИАнын акад. (1953); корр. мүчө (1946). Соц. Эмг. Баатыры (1958). 1916-жылдан КПСС мүчөсү. Кызматкердин үй-бүлөсүнөн. Москвадагы а. ч. академиясында окуган; Кызыл профессура институтун бүткөн (1930). 1917-ж. Тверде (Калинин) парт. ж-а профсоюздук иште, 1918—20-ж. Челябинскиде жашырын иштеп, 1920—24-ж. РКП(б)нин Тверь губкомунун агитация-пропаганда бөлүмүнүн башчысы болгон. 1924—26-ж. ВКП(б) БКнын агитация-пропаганда бөлүмүнүн инструктору. 1931—34-ж. «Большевик» журналынын редакциясында кызматкер. «Правда» газетасынын редколлегия мүчөсү ж-а бөлүм башчысы. 1934—37-ж. ВКП(б) БКнын парт. контроль комиссиясынын мүчөсү ж-а басма сөз тобунун жетекчиси. 1937—40-ж. ВКП(б) БКнын пропаганда ж-а агитация бөлүм башчысынын орун басары. 1940—49-ж. «Правда» газетасынын редактору. 1949—52-ж. Маркс—Энгельс — Ленин ин-тунун директору. 1952—53-ж. «Правда» газетасынын башкы редакторунун орун басары. 1953 — 60-ж. КПСС БКнын секретары, КПСС БКнын РСФСР б-ча бюро мүчөсү. 1961—67-ж. КПСС БКга карашуу Маркс-энгельс-ленинизм ин-тунун директору. 1967-жылдан СССР ИАнын президиум мүчөсү. Партиянын 18—20. 22—23-съезддеринде БКга мүчө, 1957—61-ж. КПСС БКнын Президиум мүчөлүгүнө кандидат. СССР Жог. Советине (2—6-шайл.) депутат. П.—партия тарыхы маселеси б-ча бир топ эмгектин автору ж-а редактору. «СССРдеги граждандык согуштун тарыхынын» 2-томун жазууга катышкан (СССР мамл. сыйл., 1943). «Советтер Союзунун Улуу Ата Мекендик согушунун тарыхынын» ж-а «КПССтин тарыхынын» редакциялык комиссиясынын пред-ли, В. И. Ленинди.н ил. биографиясынын авторлор коллективинин жетекчиси болгон. Алты Ленин ордени, Октябрь Революциясы ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.



П. Н. Поспелов.

ПОСТ (лат. positus — коюлган деген) (аскердик) — 1) сакчы күзөтүүчү ж-а коргоочу аскердик объект. 2) Атайын тапшырма аткаруучу солдат же анча чоң эмес аскердик бөлүкчө. Мисалы, аба чабуулунан коргонуучу, аба байланыш, күзөт ж. б. П-тор бар.

ПОСТАМЕНТ — скульптуранын жер-пайы. текчеси; *пьедестал.*

ПОСТУЛАТ (лат. postulatum — талап кылуу) — кандайдыр бир ынандырыш ой жүгүртүүнүн натыйжасында далилдөөсүз кабыл алынган эреже, сүйлөм. к. *Аксиома.*

ПОСТЫШЕВ Павел Петрович (парт. жашырын аты — Ермак) [6(18). 9. 1887, Иваново-Вознесенск—26. 2. 1939] — советтик мамл. ж-а парт. ишмер. 1904-жылдан Компартия мүчөсү. Жумушчу үй-бүлөдөн. 1905-ж. Иваново-Вознесенск жумушчу депутаттар советинин депутаты. 1907—08-ж. РСДРПнин Иваново-Вознесенск окружкомунун бюро мүчөсү. 1908-жылдан түрмөдө, сүргүндө болгон. 1914—17-ж. РСДРПнин Иркутск бюросунун, рев-комунун мүчөсү. Окт. рев-ясынан кийин Ревтрибуналдын пред-ли, гражд. согуш (1918—20) мезгилинде Ы. Чыгышта жашырын иш жүргүзүп, партизан отряддарын жетектеген. 1920—22-ж. Ы. Чыгыш респ-касында парт., аскердик ж-а мамл. иште. 1923-жылдан Украинада парт. иште. 1926—30-ж. Украина КП(б) БКнын Саясий бюросунун мүчөсү, УК(б)П БКнын секретары. 1930—33-ж. ВКП(б) БКнын секретары, БКнын Уюштуруу бюросунун мүчөсү, 1933—37-ж, УК(б)П БКнын секретары, БКнын Уюштуруу бюросунун мүчөсү. 1937—38-ж. ВКП(б) Күйбышев крайкомунун секретары. ВКП(б)нин 14-съездинде БКнын мүчөлүгүнө кандидат, 15—17-съезддерде БКга мүчө болуп шайланган. 1934—38-ж. ВКП(б) БКнын Саясий бюросунун мүчөсү. СССР БАКтын президиум мүчөсү. Ленин ордени ж-а Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

Чыг.: Гражданская война на востоке Сибири (1917—1922 гг.). Воспоминания, М., 1957; Из прошлого (Рассказы и очерки), 2 изд., М., 1958.

Ад.: Марягин Г. А., Постышев, М., 1965.

ПОТАНИН Григорий Николаевич [22. 9(4. 10). 1835, Павлодар ш-на жакын Ямышевский кыш.— 30. 6. 1920, Томск] — орус географы, этнографы, публицисти ж-а фольклорчусу. 1852-ж. Омск кадет корпусун бүткөн. 1853—58-ж. Семей м-н Омскиде аскер кызматын өтөгөн. 1859—62-ж. Петербург ун-тинде окуган. 1861-ж. студенттик толкундоого катышканы үчүн Сибирге сүргүнгө айдалган. 1863—64-ж. Орус геогр. коомунун экспедициясына катышкан. 1876—77, 1879—80-ж. Түн.-Батыш Монголияга, Тувага, 1884—86, 1892—93-ж. Түн. Кытай, Чыгыш Тибет ж-а Борб. Монголияга, 1899-ж. Чоң Хинганга экспедиция жасаган. Анын негизинде Борб. Азиянын көп белгилүү болбогон райондору ж-дө бай маалымат чогулткан ж-а Борб. Азия м-н Сибирдин түрк, монгол элдеринин, о. эле тангут, кытай, дунгандардын мад-ты, тиричилиги, эл чыг-лыгы ж-дө баалуу материалдарды жыйнаган. П-дин эмгектеринде түрк ж-а монгол элдеринин эпостору, кыргыз эпосу, этнографиясы ж-а Кырг-ндын о. кылымдагы тарыхы б-ча маанилүү маалыматтар бар.

Эмг.: Очерки Северо-Западной Монголии, т. 1—4, СПБ, 1881—83; Тангутско-Тибетская окраина Китая и Центральная Монголия, т. 1—2, СПБ, 1893; Восточные мотивы в средневековом европейском эпосе, М., 1899.

Ад.: Обручев В. А., Г. Н. Потанин. Жизнь и деятельность, М.—Л., 1947; его же, Путешествия Потанина, М., 1953; Русские путешественники и исследователи о киргизах, Фр., 1973.

ПОТЕБНЯ Александр Афанасьевич [10(22). 9. 1835, Полтава губ., Роменский у., Гавриловка кыш.— 29. 11(11. 12). 1891, Харьков] — украин ж-а орус славист филологу. Петербург ИАнын корр. мүчөсү (1877). 1860-ж. магистерлик диссертация коргогон. 1875-жылдан Харьков ун-тинин проф. болгон. Соз, фольклор, этнография, жалпы тил илими, фонетика, морфология, синтаксис, семасиология теорияларын иштеп чыккан. Жалпы теориялык планда тил м-н ойдун, тил м-н улуттун карым-катышы, тилдин келип чыгышы ж-дөгү маселелерди изилдеген. Филос. көз карашынын калыптанышына А. И. Герцендин, Н. Г. Чернышевскийдин, В. Г. Белинскийдин идеяларынын таасири тийген. Азыркы филологиялык, айрыкча тил илимининөнүгүш-

өөрчүшүндө П-ның эмгектеринин маанилүү чоң. Маанилүү эмгектери: «Ой жана тил» (1862), «Орус грамматикасы жөнүндөгү макалалардан» (1—2-т., 1874; 3-т., 1899; 4-т., 1941), «Сөз теориясы жөнүндөгү макалалардан» (1905). Анын украин тили ж-а фольклору б-ча да эмгектери бар. Киевдеги СССР ИАның Тил таануу ин-туна П-ның ысмы берилген.

Ад.: Виноградов В. В., Русская наука о русском литературном языке: «Уч. зап. МГУ», 1946, в. 106; его же. Из истории изучения русского синтаксиса. (От Ломоносова до Потебни и Фортунатова). М., 1958; Булаховский Л. А., Потебня—лингвист, «Уч. зап. МГУ», 1946, в. 107; его же, Ал. Аф. Потебня. [К 60-летию со дня смерти]. К., 1952.

ПОТЁМКИН Владимир Петрович [7 (19). 10. 1874, Тверь, азыркы Калинин — 23. 2. 1946, Москва] — сов. мамлекеттик ж-а парт. ишмер. тарыхчы, дипломат. СССР ИАның ж-а РСФСР ИИАның (1943) анык мүчөсү. 1919-жылдан КПСС мүчөсү. Дарыгердин үй-бүлөсүнөн. Москва ун-тин бүтүргөн (1898). 1900—19-ж. эл агартуу жагында иштеген. Гражд. согуштун катышуучусу. 1922—40-ж. дипл. кызматта: СССРдин Греция (1929—32), Италия (1932—34), Францядагы (1934—37) полномочнелүү өкүлү. 1937—40-ж. СССР тышкы иштер эл комиссарынын биринчи орун басары. 1940—46-ж. РСФСРдин агартуу эл комиссары. П-дин ил. эмгектери Франция м-н Англиядагы жумушчу кыймыл ж-а эл аралык мамиле маселелерине арналган. 3 томдук «Дипломатия тарыхы» китебинин башкы редактору ж-а авторлорунан. 1939-жылдан КПСС БКның, 1935-жылдан СССР БАКтын мүчөсү. СССР Жог. Советине (1—2-шайл.) депутат. СССР мамл. сыйл. (1942, 1946) лауреаты. Ленин ордени, башка 2 орден м-н сыйланган.

Чыг.: История дипломатии. Под ред. В. П. Потёмкина, т. 1—3,М.—Л., 1941—45; Статьи и речи по вопросам народного образования. М.—Л., 1947.

ПОТЕМКИН Григорий Александрович [13(24). 9. 1739, Духовщина у., Чижово кыш., азыркы Смоленский обл.— 5(16). 10. 1791, Яссы ш-ның р-ну] — орус мамл. ж-а аскер иштери, дипломат, генерал-фельдмаршал (1784). Каныша Екатерина IIнин сүймөнчүгү. Орус-түрк согушунун (1768—74) катышуучусу ж-а 1787—91-жылдардагы орус-түрк согушунда орус аскеринин башкы кол башчысы, П-дин ишаракети крепостнойлук мамлекетти ж-а Россиянын эл аралык абалын бекемдөөго жардам берген.

«ПОТЕМКИН», «Князь Потёмкин Таврический»—Кара деңиз флотунун эскадралык бронепосеци (1907-жылдан линкор). Анда Россиядагы 1905—07-жылдардагы рев-я убагында матростор көтөрүлүш чыгарган. 1905—07-ж. Россияда рев-ялык кырдаал курчуп турганда Кара деңиз флотунун с.-д. уюмдарынын борб. комитети 1905-ж. күзүндө флоттун бүт кемелеринде көтөрүлүш чыгарууну даярдап жаткан. Бирок эскадрадан алыс Тендра а-нда жүргөн «П-дө» көтөрүлүш капилеттен мурда чыгып кеткен. Ага 14-июнда матросторго сасык эт берүү себеп болгон. Көтөрүлүшчүлөр жек көрүмчү офицерлерди олтуруп, калганын камаган. Таймашта матростордун жетекчиси Г. Н. Вакуленчук оор жарадар болуп, ордуна А. Н. Матюшенко дайындалган. Кызыл желек көтөргөн «П.» жалпы иш ташлоо жүрүп жаткан Одессага келип, бирок жумушчуларга бириге алган эмес. Көтөрүлүштү басууга жиберилген эки кеме отряды ок атпай койгон. «П-чилер» көмүр, азык-түлүк м-н камсыз болуу үчүн Констанцага (Румынияга) кетип, анда падышалыкка каршы чечкиндүү күрөш жүргүзөрүн жарыялаган. Кийин Феодосияга барып, андан да жардам болбогон соң матростор Румынияда саясий эмигрант катары калып, кээ бири Россияга оошкондо, айрымдары Февр. рев-ясынан кийин кайтып келген. В. И. Ленин бул көтөрүлүштү рев-ячыл армиянын уюткусун түзүү аракети, падыша аскеринин көбүнүн рев-я тарапка бириши жолу өтүшү катары жогору баалаган. «П.» 1905-ж. октябрда «Св. Пантелеймон» деп аталган. 1917-ж. апрелде кайра «П.» май айында «Борец за свободу» деп аталган. 1919-ж. апрелде «П-ди» интервенттер Севастополдо жарып жиберген.

Ад.: Ленин В. И., Поли. собр. соч., 5 изд., т. 10, с. 335—50: Восстание на броненосце «Потёмкин». Документы. «Исторический архив», 1955, № 3; Кардашов Ю. П., Новые сведения о восстании на броненосце «Потёмкин», «Вопросы истории КПСС», 1965, № 11.

ПОТЕНЦИАЛ — физ. күч талаалары (электр, гравитация ж. б.) же вектор м-н туюнтулуучу физ. чондуктардын талаасын (суюктуктагы ылдамдык талаасын ж. б.) мүнөздөөчү түшүнүк. Электр-статикалык талаада П. жардамчы функция, б. а. анын мейкиндиктеги туундусу берилген чекиттеги электр талаасынын чыңалуусунун компоненти, ал эми гидродинамикада берилген чекиттеги ылдамдыктын компоненти катары каралат ж. б. П. кээде башка физ. маанини да түшүндүрөт. Алсак, электр-статикалык талаада ал бардык оң заряддын берилген чекиттен чексиздикке жылдыруугa кеткен энергияга барабар. Көпчүлүк учурда $a(x, y, z)$ вектор талаасынын П-ы — $u(x, y, z)$ скалярдык функция, анын $a=\mathrm{grad}u$. Чекиттик массасы m болгон $A(\xi, \eta, \zeta)$ чекитиндеги тартылуу талаасы үчүн $P(x, y, z)$ чекитиндеги П. томонкудой болот: $u(x, y, z)=Gm/r$, мында $r=\sqrt{(x-\xi)^2+(y-\eta)^2+(z-\zeta)^2}$, G — тартылуу туруктуулугу.

ПОТЕНЦИАЛ БАРЬЕР (физикада) — болүкчөлөрдүн потенциал энергиясы анын толук энергиясынан көп болгон мейкиндиктин чектелеген бөлүгү. Сүрөттө болүкчөлөрдүн кыймылы үчүн П. б-дин жөнөкөй түрү көрсөтүлгөн. $x=x_0$ чекитте потенциал энергия $V_{(x)}$ максимум V_0 маанисине жетет да, П. б-дин бийиктиги деп аталат. П. б. мейкиндиктин эки (I, II) ж-а үч (III) областка болот. Болүкчөнүн (I, II областтагы) потенциал энергиясы П. б-дин ичиндеги (III областтагы) энергиясынан аз. Классикалык механикада болүкчөлөрдүн П. б-ден өтүүсү болүкчөнүн толук (кинетикалык+потенциалдык) энергиясы $E \geqslant V_0$ болгондо гана ишке ашат. Эгерде $E<V_0$ болсо, анда солдон оңго кыймылдаган болүкчө x_1 чекитинде токтойт да, андан кийин артка кыймылдайт. *Квант механикасында* болүкчөлөрдүн П. б-ден өтүүсү $\varepsilon<V_0$, ал эми чагылуусу $\varepsilon>V_0$ болгондо гана ишке ашат (к. *Туннель эффекти*).

ПОТЕНЦИАЛДЫК КҮЧ — аткарган жумушу күч жумшалган чекиттердин баштапкы ж-а акыркы абалдарына гана жараша болуп, отпол чекиттердин кыймылынын траекториясынын түрүнө ж-а кыймыл закондоруна көз каранды болбогон күч.

ПОТЕНЦИАЛДЫК ЭНЕРГИЯ — системанын ушул системаны түзгөн болүкчөлөрдүн өз ара жайгашуусуна ж-а алардын сырткы күч талаасындагы (мис., гравитациялык) абалына көз каранды болгон жалпы мех. энергиянын болүгү. Системанын берилген абалдагы П. э-сы системаны бул абалдан П. э-сы шарт б-ча нол деп кабыл алынган орунга чейин көторгөн күчтүн аткарган жумушуна барабар. Бул аныктама консервативдүү система үчүн гана, б. а. жумуш аткарган күч, системанын баштапкы ж-а акыркы абалына гана көз каранды болгондо аткарылат. P салмактуу жүктү h бийиктигине көторгөндө П. э. $\Pi=Ph$.

ПОТЕНЦИОМЕТР (лат. potentia — күч ж-а *...метр*) — 1) жылгыч контакттуу жондогуч резистор. П. электр чыңалууларын жондогуч, о. эле көторулуунү билдирүүчү катары колдонулат. 2) П. (компенсатор) — э. к. к-н, чыңалуу же алар м-н функциялык байланыштагы чондуктарды компенсациялык метод м-н өлчөөчү салыштыргыч прибор. Алар туруктуу ж-а озгормо токтун П-н болуп айырмалаган. Туруктуу токтун П-инде өлчөнүүчү чондук (же анын болүгү) нормалдуу элементтин э. к. к. м-н салыштырылат. Өзгормо токтун П-инде өлчөнүүчү чыңалуу өлчөмү ж-а фазасы белгилүү жондолүүчү чыңалуу м-н тең салмакка келтирилет. П. м-н өлчөөдө тактык туруктуу токто 0,01% ж-а 0,001%ке чейин, озгормо токто 0,1%ке чейин болот. 3) Магниттүү П.— магнит тизмегинин эки чекитинин ортосундагы магнит потенциалдарынын айырмасын өлчөгүч прибор.

ПОТИ — Грузин ССРиндеги шаар. Кара деңиздин жээгинде, Рионж д-нын чатында. Порт. Т. ж. станциясы. Калкы 53,6 миң (1978). Кеме ремонттоочу, гидромеханизм, «Электроаппарат», электр-магнит күчөткүч э-ддору, ун ж-а балык комбинаттары иштейт. Грузин политех. ин-тунун кечки бөлүмү, Бүткүл союздук чай ж-а субтропик өсүмдүктөрү ил. из. институтунун Колхида а. ч. комплекстүү тажрыйба станциясы, гидромелиорация техникуму, мед. ж-а пед. окуу жайлары, драма театры, край таануу музейи бар.

ПОТСДАМ — ГДРдеги шаар. Хафель д-ның жээгинде. Потсдам округунун админ. борбору. Калкы 119,5 миң (1975). Автомобиль ж-а т. ж. тоому, дарыя порту. Тепловоз куруу, вагон оңдоочу, дарыя кемесин куруу, так механика ж-а оптика, электр тех., химия-фармацевтика, полиграфия, текстиль ж-а тамак-аш о. ж. ишканалары иштейт. Мамлекет ж-а укук академиясы, ГДРдеги кино ж-а телекорсотүүнүн жог. мектеби, «ДЕФА» киностудиясы бар. П-ды 10-к-да славяндар негиздеген. 13-к-да Бранденбург маркграфтыгына кирип, 15-к-да шаар укугун алган. 18-к-дан Пруссия королунун экинчи резиденциясы, аскер параддарынын ж-а кароолунун жайы. Улуу Ата Мек. согуштун алгында (1945-ж. 27-апрелде) П-га сов. аскерлер кирген. Анда СССР, АКШ ж-а Улуу Британия өкмөт башчыларынын *Потсдам конференциясы* (1945) өткөн.

ПОТСДАМ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ (1945) Улуу Британия, АКШ ж-а Кытай өкмөттөрүнүн атынан 26-июнда Потсдамда жарыяланган. Анда экинчи дүйн. согушта фаш. блоктун бир катышуучусу — Японияның кыйк этпей багынышы талап кылынган. Декларацияда Япониядагы милитаристтердин бийлигин ж-а таасирин жоюу, япон аймагын убактылуу багынтуу, АКШ, Улуу Британия ж-а Кытай өкмөттөрүнүн Каир конференциясында (1943) кабыл алынган Декларациясын орундатуу, Хонсю, Хоккайдо, Кюсю, Сикоку а-дарына, о. эле чакан аралдарда Японияның бийлигин чектөө, өлкөдө демокр. салтты чыңдоого каршылык көрсөтпөө, япон экономикасын тынч турмушка өткөрүү ж. б. каралган. Япон өкмөтү П. д-ның талаптарын четке каккан (1945, 28-июль). Бирок П. д-на Сов. Союзу кошулуп (1945, 8-авг.), Японияга каршы согуш ачканда (9-авг.), япон өкмөтү 1945-ж. 14-августа П. д-ның шарттарын кабыл алганы тууралуу билдирген.

ПОТСДАМ КОНФЕРЕНЦИЯСЫ (1945), Берлин конференциясы — СССР, АКШ ж-а Англия өкмөт башчыларынын 1945-жылдын 17-июлунан 2-августуна чейин Потсдамда өткөргөн конф-ясы. П. к-ның ишине тышкы иштер министрлери, аскер кеңешчилери ж-а эксперттер катышкан. П. к-ның негизги маселеси Германияны демилитаризация кылуу (милитаризмден куткаруу), денацификация кылуу (нацизмден арылтуу) ж-а демократиялаштыруу болгон.

П. к-ның катышуучулары Германияга карата салсаттын негизги багыттары ж-дө макулдашууга жетишкен. Крым конф-ясынын (1945) чечимине ылайык Потсдам кеңешмеси Германияны толук куралсыздандыруу, куралдуу күчтөру м-н согуштук ө. ж-н жоюу, бардык фаш. уюмдарын тарктатуу чараларын белгилеген. Германия агрессиясынан жана чеккен олколорго алар тарткан зыяндын жарым-жартылайын толоо б-ча атайын келишимге кол коюлган. П. к-нда багынган Германияга убактысынча бийликти СССР, АКШ, Улуу Британия ж-а Франциянын куралдуу күчтөрүнүн башкы командачылары жүргүзөрү макулдашылган. Конф-яда Польшанын жаңы чек арасы белгиленип, Сов. Союзуна Кёнигсберг ш. (1946-жылдан Калининград) ж-а ага чектеш райондор берилген. Анда Германия ж-а анын мурдагы союздаштары м-н тынчтык келишим даярдоо үчүн Тышкы иштер министрлеринин совети түзүлгөн. СССР, АКШ ж-а Улуу Британия Германиянын бардык флотторун тең болуп алууга, суу асты м-н жүрүүчү кемелерди чектүрүп жиберүүгө макулдашкан. Согуштун башкы кылмышкерлерин эл аралык аскер трибуналына берүү чечилген. П. к. жалпысынан согуштан кийинки абалды жөнгө салууга багытталган чечимдерди кабыл алган. Бирок батыш державалар анын чечимдеринен көп өтпөй баш тартышкан.

Ад.: История Великой Отечественной войны, т. 5, М., 1963; Нераэлин В. Л., Антигитлеровская коалиция, М., 1964.

ПОТЬЕ Эжен (4. 10. 1816, Париж — 6. 11. 1887, өлгөн эле жер) — француз ырчы акыны. Биринчи Интернационал м-н Париж Коммунасынын (1871) мүчөсү. 1880-жылдан Француз жумушчу партиясына мүчө. Түңгүч ырларын Июль рев-ясынын күндөрүндө жазган (1830). П-нин чыг-лыгынын өөрчүшүнө 1848-жылдагы рев-я күчтүү таасир берген. Мыкты чыгларынын көбү, анын ичинде рев-ячыл жумушчу табынын эл аралык гимни *«Интернационал»* да Париж Коммунасы түзүлгөн мезгилде жазылган. Париж Коммунасы талкаланган соң П. Улуу Британияда, Америкада эмиграцияда жүргөн. Америкада «Америка жумушчулары—Франция жумушчуларына» (1876), «Париж Коммунасы» (1877), «Жумушчу партия» (1878) деген поэмаларды жараткан. «Революциялык ырлар» (1887) жыйнагына тандамал ырлары топтолгон.

Чыг.: в рус. пер.—Избранное, М., 1950; Песни. Стихи. Поэмы, 2 изд., М., 1971.

Ад.: Ленин В. И., Евгений Потье, Полн. собр. соч., т. 22, 5 изд., М., 1961; Дмитриев В. Г., Поэт-коммунар, М., 1966.


ПОЦЕЛУЕВСКИЙ Александр Петрович (26. 5. 1894, Витебск — 6. 10. 1948, Ашхабад) — сов. түрколог, Түркмен ССРинин илимге эмг. сиц. ишмери (1943). Лазарев чыгыш тилдер институтун бүткөн (1918). 1933-жылдан Ашхабад пед. ин-тунда проф. болгон. П.— туркмен тил таануу мектебин түзүп, түркмен тилине аден ил. сыпаттама берген илимпоз. Анын негизги эмгектеринде түрк тилдеринин грамматикасы, түркмен фольклору ж-а ад-ты изилденет. «Ардак Белгиси» ордени ж-а медаль м-н сыйланган.

Эмг.: Фонетика туркменского языка, Аш., 1936; Диалекты туркменского языка, Аш., 1936; Основы синтаксиса туркменского литературного языка, Аш., 1943.

Ад.: Курбанов А. А., Кузьмин О. Д., А. Поцелуевский и Х. Байлиев, Аш., 1962.

«ПОЧВОВЕДЕНИЕ» — СССР ИАның Президиумунун химия-технология, биология илим секциясынын айына чыгуучу ил. журналы. Москвадан чыгат. 1899-ж. В. В. Докучаевдин шакирти В. В. Отоцкий уюштурган. 1917-ж. жабылып, 1924-ж. кайрадан чыга баштаган. Ал топурак таануучуларга, географтарга, геоботаниктерге, агрохимиктерге, агрономдорго, айыл ж-а токой чарба адистерине арналат. Топурак таануу ж. б. илимдердин маанилүү маселелери басылат. Тиражы 4700 пуска (1977).

ПОЧТА [соцку лат. posita — аялдама, станция (почта унаасын алмаштыруучу жай)] — 1) байланыш ишканалары аркылуу жөнөтүлүүчү аманат: газета-журнал, кат-кабар, телеграмма ж. б. 2) Почта аманатын алуучу, жөнөтүүчү байланыш ишканасы (почтамт, байланыш бөлүмү). Кеңири



Потсдам конф-ясынын заседаниеси.

мааниде — жалпы эл пайдалануучу байланыштын бир түрү.

ПОЧТА МАРКАСЫ — почта ведомствосунун чыгарган почта жөнөтүү салыгынын төлөнүү белгиси; о. ж. графикасынын бир түрү. П. м. атайын гравюра ж-а сүрөттөрдүн негизинде бийиктиктен (чыгыңкы), тереңдиктен же тегиздиктен (офсет, металлография) басылып кобойтүлөт; кагазына кобүнчө суу (водяной) белгиси (кагаз акча, заёмдукундай күчтө салып караганда көрүнгөн сүрөт же белги) салынат. Айрымдарында мамлекеттин ж-а почта администрациясынын аты, марканын наркы, о. эле эстелик, пропаганда же түшүндүрмө мүнөздөгү жазуулар (кээде сүрөтчүнүн ж-а басмакананын аты) болот. П. м. көбүнчө серия ж-а блок (окшош же ар түрдүү бир нече маркадан турган баракча) түрүндө чыгарылат. Почта аркылуу жөнөтүү учурунда штемпель басылган марка кайталап колдонууга жараксыз болот. П. м. коллекция жыйноодо да кеңири колдонулуп, тарыхый окуяларды баяндоочу документ болот (к. *Филателия*). П. м. алгач Улуу Британияда ж-а аның колонияларында (1840) пайда болгон. Кийин Бразилияга (1843), Швейцарияга (1843), АКШга (1847), Францияга (1849) тараган. Алгачкы маркаларда (1840—75) мамл. ишмерлердин портреттери ж-а гербдер, эмблема ж-а цифра композициялары, 1871-жылдан көрүнүктүү адамдардын юбилейи, окуялар же белгилүү даталар түшүрүлгөн. 20-к-дан жерг. флора, фауна, спорт, космос учуулары ж-а иск-во чыг-ларына арналган кооз сериялар чыгарылууда. П. м. Россияда 1858-жылдан чыгарылат. 1918-ж. туңгуч сов. марка чыккан. Сов. марка жасоонун чеберлери — Р. Заринь, И. И. Дубасов (В. И. Ленindин портрети түшүрүлгөн биринчи марканын автору; 1924), В. В. Завьялов. 1918—70-ж. СССРде 4000ден ашуун түрдүү тематикадагы (Улуу Окт. рев-ясынын жеңиши, ө. ж., а. ч., илим ж-а мад-т жетишкендиктери, юбилейлер ж. б.) марка чыгарылган. 1970-ж. Москвадан «СССР почта маркаларынын каталогу, 1918—1969» чыгып, ал жыл сайын толукталып турат. «Советский коллекционер» (1963-жылдан) бир жылдыгы ж-а ай сайын «Филателия СССР» (1966-жылдан) журналы чыгып турат.

ПОЧТА МАШИНАЛАРЫ — кат, открытка, бандероль, посылка, газета-журнал, акча котормолорун ж. б. кабыл алууну, жөнөтүүнү тездетүүчү машиналар. Аларга төмөнкүлөр кирет: маркалоочу, б. а. каттарды өлчөмдөрү б-ча талдоочу машина; бетине мөөр баскыч машина; катты адрес (шаар, область ж. б.) же код түрүндөгү индекс (мис., тамга жө цифра түрүндө) б-ча топторго бөлүштүрүүчү машина; таңгактагыч машина; бандероль, посылка, газета-журнал таңгактарын адреско бөлүштүрүүчү жабдуу; газета-журналдарга, китептерге адрес жазгыч ж-а жөнөтмө документтерди толтуруп-көбөйткүч машина; газета-журнал салынган кагаз кантарды тиккич машиналар ж. б.

ПОЧТАМТ — элди, мекемени ж-а ишканаларды почта, телеграф, телефон байланышынын бардык түрү м-н тейлөөчү ири ишкана. СССРде П. респка, край ж-а область борборунда түзүлөт. П. шаардын ири почта ишканасы болуу м-н, өзүнө караштуу байланыш болүмдөрүн да тейлейт.

ПОЧТА ТЕХНИКАСЫ — кат-кабар кабыл алуучу, берүүчү, болуштүрүүчү, адресатка жеткирүүчү түзүлүштөр ж-а транспорт каражаттары. 19—20-к-да т. ж., суу, автомобиль ж-а аба катнашынын каражаттарынын өркүндөлүшүнө байланыштуу почта ташуу тез өнүгө баштады. СССРдин почтамттарында, байланыш болүмдөрүндө кат-кабар үчүн 1971-жылдан «Онега» системасындагы почта-кассалуу машиналар колдонулат. Ал акча, посылка, телеграмма ж. б-ны кабыл алат, жөнөтөт. Машина квитанция берүү м-н операция күндөлүгүн жүргүзөт. Кабыл алынган, төлөп берилген почта ж-а телеграф акчалары ж-дөгү маалыматтар перфоратордун жардамы м-н перфорацияланган телеграф ленталарына жазылат ж-а алардын тууралыгын автоматтык түрдө контролдоо үчүн маалыматтарды берүүчү аппараттуралар аркылуу арналык эсептөө борборуна кабар берилөт. Посылка, кат, бандероль, газета-журналдарды иликтөө ишин жүргүзүүчү машиналар колдонулат. Ири почта түйүндөрүндө кат-кабарды болуштүрүү үчүн жарым автоматтык машина ж-а аларды почта ичинде керектүү орунга жеткирүү үчүн тасмалуу ж-а чынжырлуу конвейер пайдаланылат. СССРде 1974-ж. аналогдуу автоматташтырылган линия түзүлгөн. Автоматташтырылган линиялардын түзүлүшү татаал ж-а атайын операцияларды аткаруу машиналарынан ж-а аппараттардан түзүлөт. П. т-сы автоматташтырылган системаларды киргизүү ж-а өндүрүш процесстеринде автоматтык башкаруу системаларын түзүү багыты б-ча өнүгүүдө.

ПОШИВАЙЛОВ Никифор Макарович (14. 1. 1909-ж. т., азыркы Казак ССРи, Караганды обл., Кадушный кыш.— 25. 11. 1958) — Соц. Эмг. Баатыры (1947). 1943-жылдан КПСС мүчөсү. 1933-жылдан Кыргыз ССРинин Сокулук р-нундагы Крупская атн. к-здо колхозчу, 1934-жылдан бригадир. Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. 1947-ж. талаачылык бригадасын башкарып, 4 *га* жердин гектарынан 816 *ц* кант кызылча алган. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ПОШЛИНА, б а ж ы — көрсөткөн жардамы үчүн гражданлардан, мекеме, уюмдардан мамл. орган алуучу акчалай жыйым. Каттоо, гербдик, почталык, соттук, мурастык П. кеңири жайылган. Мамлекет аркылуу ташылуучу товардан таможниялык П. алынат. О. кылымда мамлекет, шаар, феодалдар жол, көпүрөдөн пайдаланғандыгы ж-а сот процессин жүргүзгөндүгү ж. б. кызмат көрсөткөндүгү үчүн алган жыйым П. деп аталган. Азыркы капит. мамлекеттерде П. салык сыяктуу милдеттүү мүнөздө. Бирок П. бардык граждандардан алынбастан, өз ара же мамл. орган м-н белгилүү бир чарб.-укуктук карым-катнашта болгондо алынат. Капит. мамлекеттерде П. өлчөмү көрсөткөн жардамдан ойдо турат. Соц. мамлекеттерде уюм, мекеме, айрым гражданлардын суроосу б-ча ж-а алардын кызыкчылыгы үчүн белгилүү жардам бергендиги үчүн мамл. арбитраж, сот, нотариат, ЗАГС, милиция органдары алуучу жыйым. 1930-жылдан СССРде бардык П. мамл. бирдиктүү П-га өткөн. СССРде П. алуу жөнөкөй ж-а пропорционалдуу болуп болүнөт. Жөнөкөй П. так суммада, пропорционалдуу П. доо суммасынан процент түрүндө алынат.

ПО Эдгар Аллан (19. 1. 1809, Бостон — 7. 10. 1849, Балтимор) — амер. жазуучу, сынчы. Актёрдун үй-бүлөсүнөн. Англияда, кийин Виргиния ун-тинде, Уэст-Пойнт аскер академиясында окуган. Алгачкы романтикалуу «Тамерлан жана башка ырлар» (1827) жыйнагы жашырын басылган. Биринчи ачкемелерин 1832-ж. жарыялаган. 1836-жылдан кийин сын макалалар, ачкемелер жазып, журналисттик ишке өткөн. 40-жылдары новеллалар, ыр, поэмалар, «Гротесктер жана арабескилер» жыйнагын жарыялаган. П. детектив ад-ттын баштоочулардан: «Морг кочосундагы өлтүрүү», «Алтын коңуз» ж. б. ачкемелери. Бул чыг-ларында сюжет курушун, мүнөздөрдү түзүүнүн, кызыктуу деталдарды табуунун чеберилигинин көрсөткөн. П-нун ил. фантастикалык чыг-ларды да бар. Аның чыгларына комп. К. Дебюсси, С. В. Рахманинов музыка жазган.

Чыг.: в рус. пер.—Избранное, М., 1958; Полн. собр. рассказов, М., 1970; Избр. произв., т. 1—2, М., 1972.

ПОЭЗИЯ (гр. *p̆oiesis* — иштейм, жаратам) — 1) кең мааниде — жалпы эле көркөм ад-т (20-к-да мындай мааниде сейрек колдонулат); 2) тар мааниде — көркөм сөздүн үюмдашы, ритмикалык-интонациялык түзүлүшү б-ча прозадан (к. *Проза*) кескин айырмаланган, түркүн жанрда, ыр түрүндө жазылган (к. *Ыр*) чыг-лар.

Адегенде П. деп жалпы эле көркөм сөз (ад-т) аталган, анткени жазма көркөм сөз өнөрү биринчи иретте ыр түрүндө өнүккөн. Античный заманда-гы, о. кылымдагы, атүгүл кайра жаралуу доорундагы адабий жанрлардын дээрлик баары поэзия, б. а., ыр түрүндө жазылган. Бул заманда-рда П. сөздүн көркөм өнөрө айландыруунун бирден бир каражаты катары

кызмат кылган. Кепти (речти) курууңун ырга мүнөздүү өзгөчө формасы (к. *Ыргак*) айтылган ойго зор маани, көрк, салмак берген.

Көркөм прозанын өнүгүшү м-н П-да чоң өзгөрүүлөр болот. Анда о. кылымга тиешелүү формалар (сонет, газель, лондо, танка ж. б.) унутулуп, баштагыдан эркин курулган ыр өлчөмдөрү ж-а формалары өөрчүйт. Ритмикага салынган, өзгөчө тартипте коюлган, уйкаштырылган сөздөрдүн тутуму өз ичине зор маани батырууга жөндөмдүү келет. П. акындын жандуу үнүн ж-а интонациясын берүүгө да жарамдуу болот. Ошол себептен азыркы убактагы П. негизинен лирикалык мүнөздө көрүнөт (к. *Лирика*). Азыркы лирикада ыр (стих) эки милдет аткарат: биринчиден, ал автордун жеке өмүрлүк тажрыйбасынан чыккан фактыларды көркөм өнөрдүк, б. а. эстетикалык деңгээлге көтөрөт; экинчиден, лирикалык интонация аркылуу акындын ички дүйнөсүн, көңүл түйшүктөрүн, кайталанбас адамдык үнүн чагылдырууга мүмкүндүк берет.

Ад.: Гегель Ф., Собр. соч., т. 14, М., 1958; Белинский В. Г., Разделение поэзии на роды и виды. Полн. собр. соч., т. 5, М., 1954; Потебня А. А., Поэзия и проза, в его кн.: Из записок по теории словесности, Хар., 1905; его же, Поэзия. Проза. Сгущение мысли, Полн. собр. соч., т. 1 — Мысль и язык, 4 изд., Од., 1922; Журмунский В., Композиция лирических стихотворений, П., 1921; Тынянов Ю. Н., Проблема стихотворного языка, 2 изд., М., 1965; Жирмитов С., Ырлар жана жылдар, Фр., 1972.

ПОЭМА (гр. poiema — жаратуу) — баяндама же лирикалык сюжеттүү ыр түрүндөгү көлөмдүү чыгарма. Байыркы ж-а орто кылымда элдик эпопеяны (эпосту) да П. деп аташкан. П. негизинен бүткүл элдик-тарыхый мааниси бар окуяларды баяндаган эпопеядан («Илиада», «Махабхарата», «Роланд тууралуу ырлар» ж. б.) өсүп чыккан. П-нын баатырдык, дидактикалык, сатиралык, тамашалуу-комедиялык, романтикалык сюжеттүү, лирика-драмалык ж. б. түрлөрү бар. Көпкө чейин бүткүл дүйн.-тарыхый (диний) темадагы («Энеида» — Вергилий, «Ажайып комедия» — Данте, «Генриада» — Вольтер, «Кутка-рылган Иерусалим» — Т. Тассо ж. б.) ж-а романтикалык сюжеттүү («Жолборс терисин кийген баатыр» — Руставели, «Шахнаме» — Фирдоуси) поэмалар косомдук абалда келген. Булар о. кылымдагы рыцардык романдын салттарына жакын. Акырындан поэмада биринчи планга личностттук, филос. аден-ахлактык проблема чыгып, лирика-драмалык элементтер арбын, фольклордук салттар өздөштүрүлгөн («Фауст» — Гёте ж. б.). П. жанры *романтизм* доорунда гүлдөгөн («Чайльд Гарольддун сапкаты» — Байрон; «Жез атчан» — Пушкин, «Демон» — Лермонтов, «Германия, кышкы жомок» — Гейне). 19—20-к-да реалисттик («Гайават тууралуу ыр» — Лонгфелло, «Кызыл тумшук аяз», «Россияда ким жыргайт» — Некрасов) П-лар жаралган. Сов. поэзияда «В. И. Ленин» (Маяковский), «Василий Тёркин» (Твардовский), «Анна Снегина» (Есенин), «Кылым ортосу» (Луговской) ж. б., кыргыз ад-тында «Жеңишбек», «Олуя тирилгендер» (А. Осмонов), «Жолдогу жолугушуу» (А. Токомбаев), «Ак Моор» (С. Эралиев), ж. б. реалисттик П-лар белгилүү.

Ад.: Гегель Ф., Эстетика, т. 3., М., 1971; Соколов А. Н., Очерки по истории русской поэмы 18 и в первой половины 19 вв., М., 1956; Толеев Ж., Кыргыз поэмасындагы образдар жана сюжеттер, Фр., 1961.

ПОЭТИКА (гр. poiet̆ike — поэтикалык өнөр) — көп маани туюнтуучу термин: 1) ад-ттын тигил же бул күбулушунун өзгөчөлүгүн аныктоочу көркөм эстетикалык ж-а стилдик сапаттардын жыйындысы; 2) ад-т таануу илиминин: көркөм ад-т, адабий түр, жанр ж-а соз өнөрүнүн жеке бир чыгармасын куран турган жалпы элементтерди изилдөө; бул элементтердин тизмектелиш ж-а эволюция закондорун, көркөм ад-ттын система катары милдет аткарчу жалпы структуралык-типологиялык закон ченемдерин аныктоо; тарыхый туруктуу көркөм формалар м-н үлгүлөрдү сыпаттап берүү ж-а классификациялоо; алардын тарыхый милдетин ж-а эволюциясын ачып берүү масселелерин камтый турган тармагы.

П. ад-т таануунун бир тармагы катары бир жагынан, стилистика ж-а ыр таануу м-н, экинчи жагынан, эстетика ж-а ад-т теориясы м-н байланышат. П. дайыма ад-т тарыхы ж-а адабий сын м-н карым-катнашта болот, анткени ал изилдөөнү жаткан материалга теориялык өлчөм (критерий), классификация ж-а анализ бергенде, тигил аталган тармактардын маалыматына таянат.

Ад.: Аристотель, Об искусстве поэзии, М., 1957; Буало Н., Поэтическое искусство, М., 1957; Гегель, Эстетика, т. 3, М., 1971, гл. 3; Белинский В. Г., Разделение поэзии на роды и виды, Полн. собр. соч., т. 5, М.—Л., 1954; Веселовский А. Н., Историческая поэтика, Л., 1940; Томашевский Б. В., Теория литературы. Поэтика, 6 изд., М.—Л., 1931; Бегалиев С., Поэтика эпоса «Манас», Фр., 1967; Фридлендер Г. М., Поэтика русского реализма, Л., 1971; Исследования по поэтике и стилистике, Л., 1972.

«ПРАВДА» — КПСС БКнын органы, күн сайын чыгуучу саясий-массалык газета. Петербург жумушчуларынын колдоосу м-н В. И. Ленин негиздеген. «П-нын» 1-саны 1912-ж. 22-апрелде (5-май) чыккан. Ошол күн СССРде Басма сөз күнү катары жылына белгиленет.

«П-нын» тарыхы КПССтин тарыхы, большевиктик басма салты м-н тыгыз байланыштуу. Биринчи санынан эле «П.» марксизм-ленинизм идеяларынын жигердүү пропагандисти, коммунисттик партиянын трибунасы, эмгекчи массаны соцрев-ляга үюштуруучу болгон. 1912—14-ж. В. И. Ленин «П-га» түздөн түз жетекчилик кылган. Анда парт. ишгердин, идеол. ж-а рев-ячыл кыймылдын маанилүү маселелери б-ча В. И. Ленindин 300дөй эмгеги басылган. Редакциянын ишине көптөгөн парт. ишмер активдүү катышкан. Падыша өкмөтү «П-ны» ырайымсыз куугунтуктаган. Биринчи 2 жыл 3 айда газета 8 жолу жабылып, «Рабочая правда», «Северная правда», «Правда труда», «За правду», «Пролетарская правда», «Путь правды», «Рабочий», «Трудовая правда» деген аттар м-н чыгып турган. 1912-ж. 22-апрелден (5-май) 1914-ж. 8(21)-июлга чейин газетанын 645 саны чыгып, аның 190 саны куугунтукка дуушар болгон. Редакциянын кызматкерлерине каршы ондогон сот процесси көзгөлгөн. 1914-ж. 8(21)-июлда газетаны чыгарууга тыюу салынып, 1917-ж. 5(18)-марттан газета Петроградда кайра чыга баштаган. 1917-жылдын апрелинен «П-нын» чыгышын В. И. Ленин жетектеген. Апрелден октябрга чейин «П-да» Ленindин 170ке жакын эмгеги басылган. Окт. рев-ясын даярдоодо ж-а ишке ашырууда «П.» чоң роль ойногон. Убактылуу өкмөт «П-нын» редакциясын талкалап, аны чыгарууга тыюу салган. Бирок ал «Листок правды», «Пролетарий», «Рабочий», «Рабочий путь» деген аттар м-н чыгып турган. 1917-ж. 27-октябрдан (9-ноябрь) РСДРП БКнын органы катары «П.» деген ат м-н чыга баштаган.



Н. М. Пошивайлов.

«П.» 1918-ж. 3-марттан Москвада чыгат. 1952-жылга чейин ВКП(б) БК м-н Москва комитетинин, 1952-ж. октябрдан КПСС БКнын органы. Окт. рев-ясынан кийин «П.» эмгекчилерди соц. рев-янын жеңиштерин коргоого мобилизациялаган. Гражд. согуш, Улуу Ата Мек. согушка чейинки беш жылдыктар, Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде «П.» коллективдүү пропагандист ж-а агитатор гана эмес, массаны уюштуруучу да болуп, бардык иштерде Компартияга ж-а совет элине өтө зор көмөк көрсөткөн. Согуш-


ПРАВДА
Год издания первый.
ЕЖЕДНЕВНАЯ РАБОЧАЯ ГАЗЕТА

«Правданын» биринчи саны.



«Правданын» 1913—14-жылдагы аттары.

тан кийинки жылдары «П.» өлкөнүн эмгекчилерин коммунисттик коомду курууга мобилизациялоодо, КПССтин ж-а бүткүл совет элинин турмушун, ад-т ж-а иск-во, эл агартуу, илим ж-а техника, экономиканы өнүктүрүү, СССР элдеринин достугу маселелерин чагылдырууда, бүткүл дүйнөдөгү тынчтык ж-а коопсуздук үчүн күрөшүүдө. «П.» капит. өлкөлөрдөгү рев-ячыл процессти, көз каранды өлкөлөрдөгү улуттук-бошт. күрөштү активдүү колдоодо. «П.»— сов. ж-а бүткүл коммунисттик басманын таанымал көсөмү. Тиражы 10 млн-дон ашуун. Москвада ж-а сов. 45 шаарда басылып чыгат. «П-ның» өлкөдө ж-а чет мамлекеттерде да кабарчылары бар. Дүйнөдөгү ири телеграф агенттиктерунан билдирүүлөрдү алып турат. «П-ның» тиражынын бир тобу чет мамлекетке кетет. Эки Ленин ордени (1945, 1962), Октябрь Революциясы ордени (1972) менен сыйланган.

Ад.: Ленин и «Правда», 2 изд., М., 1967; Страницы славной истории. Воспоминания о «Правде». 1912—1917 гг., Л., 1962; Андронов С. А, Боевое оружие партии. Газета «Правда» в 1912—1917 гг. Л., 1962; Эпоха—газетной строкой. «Правда» 1917—1967, [М., 1967]; Ленин в «Правде», М., 1970; Бережной А. Ф., Ленин — создатель печати нового типа (1893—1914 гг.), Л., 1971; Дорогами дружбы, М., 1972.

ПРАВДА, Кок-Тонду — Ош облының Базар-Коргон р-нундагы Могол айыл советине караштуу кыштак. «Ачы» токой чарбасынын аймагында. Ош — Арстанбап автомобиль жолунун боюнда. Райондун борбору Базар-Коргондон 34 *км.* түн.-чыгыш тарапта. Жалал-Абад т. ж. станциясынан 67 *км.* Калкы 1649 (1978). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

ПРАВДА — Ош обл-ның Кара-Суу р-нундагы Жаңы-Арык айыл советине караштуу кыштак. «Кыргызстан» с-зунун аймагында. Куршаб суусунун сол өйүзүндө жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. станциясы Кара-Суу ш-нан 26 *км* чыгыш тарапта. Калкы 2401 (1978). Орто мектеп, медпункт, клуб, китепкана бар.

«ПРАВДА» ГАЗЕТАСЫНЫН БАСМАКАНАСЫ — Москва ш-ндагы СССРдин эң ири басма сөз ишканасы. 1934-ж. майдан иштейт. Басмаканадан «Правда», «Комсомольская правда» газеталары, «Коммунист», «Партийная жизнь», «Огонёк», «Советский Союз», «Советская женщина», «Работница», «Крестьянка», «Крокодил» ж. б. газета-журнал, китеп, сүрөт, плакат чыгарылат. Алардын тиражы 600 миң нускадан ашат. 1954-ж. Ленин ордени м-н сыйланган.

ПРАВОСЛАВИЕ — христиан дининин бир багыты. Негизинен Чыгыш Европа, Ж. Чыгыш өлкөлөрүнө, Балканга таркаган. П. Европанын батышында ж-а чыгышында феодализмдин түрдүү жол м-н өнүгүшүнүн натыйжасында 11-к-да өз алдынча багыт катары биротоло бөлүнүп чыккан. П-нин догма б-ча өзгөчолуктөрү: ыйык духтун кудай атадан гана жаралышын, бүтүндөй чиркөөнүн ыйыктыгын ырастоо ж. б.; культ ж-а канон б-ча өзгөчолуктөрү: иконага сыйынуу, ак дин кызматкерлеринин сөзсүз никелүү болушу ж. б. П. *католицизмден* айырмаланып, бирдиктүү борборго ээ эмес, өз алдынча 14 чиркөөдөн куралат. П-гө консерватизм мүнөздүү. Орус П-си жеке бийликке бүт ыкласы м-н кызмат кылган. Пётр Iнин тушунан 1917-жылга чейин П. чиркөөсү мамл. аппараттын бир бөлүгү болгон. Азыр Совет бийлигине лоялдык мамиледе. Азыркы П. илимге жат идеяларын ж-а түшүнүктөрүн толук сактап калган. П-нин идеологдору жоболорун, культ иштерин ж. б-ны жаңы шарттарга ыңгайлаштырууга аракеттенишүүдө.

ПРАГА — Чехосл-я Соц. Респ-касынын ж-а Чех Соц. Респ-касынын борбору. Ортоңку Чех обл-нын админ. борбору. Өлкөнүн башкы саясий экон., илв. ж-а маданий очогу. Аянты 496 *км²*, калкы 1176 миң (1977). П. админ. жактан 10 районго бөлүнөт.

П-нын аймагын б. з. ч. 4-миң жылдыктан белгисиз уруулар, б. з. 6-кнан славяндар мекендеген. Б. з. 8—9-к-нын аралыгында чех князьдары м-н королдорунун резиденциясы. 10-к-дан Чех мамлекетинин борбору. 14-к-да Европадагы экон., саясий ж-а маданий ири борборлордон. *Гусчулардын революциячыл кыймылынын* (1419—37) ж-а чехтердин немецтерге каршы күрөшүнүн саясий борбору. Ал *отуз жылдык согуштан* (1618—48) кийин начарлап, 17-к-дын ортосунан провинциялык шаарга айланган. 18-к-дын аягынан П. экон. жактан жандануу, рев-ядан (1848—49) кийин ө. ж-дын ж-а чех жумушчу кыймылынын борбору. П-да 1878-ж. Чех-славян с.-д. жумушчу партиясы негизделип, 1912-ж. РСДРПнин Бүткүл россиялык 6-конф-ясы өткөн. 1918-жылдан Чехосл-я Респ-касынын борбору. П-да 1921-ж. Чехосл-я коммунисттик партиясы негизделген. Фашист немец оккупациясы убагында (1939—45) Чехосл-я улуттук-бошт. күрөшүнүн борбору. Ал 1945-ж. 9-майда Сов. Армиянын жардамы м-н бошотулган. П-да Жаштардын бүткүл дүйн. фестивалы (1947), Тынчтыкты жактоочулардын бүткүл дүйн. 1-конгресси (1949) өткөн. Анда Профсоюздардын бүткүл дүйн. федерациясы м-н Студенттердин эл аралык союзунун секретариаттары жайгашкан.


П-нын ө. ж. ургаал өнүгүүдө. Анын маанилүү базасы — Кладнен комүрметаллургия комплекси. П.— иштетүү ж-а машина куруунун ири борбору. Оор машина куруу (электр машиналары, түзөткүчтөр, дизелдер, компрессорлор, муздаткычтар, тепловоздор, тоо шахты жабдуулары, трамвай вагондору ж. б.), автомобиль, авиация, мотоцикл, электр тех., радио электрон, прибор жасоо ж. б. з-ддору бар. Тамак-аш, полиграфия, химия, резина, курулуш материалдар ө. ж. өнүккөн. П.— эл аралык транспорт тоому (10 т. ж. тармагы, бир канча автомобиль жолу), аэропорту бар. П-га жакын «Достук» нефть ж-а трансъевропалык газ жүргүчү өтөт. СССРдин тех. жардамы м-н метрополитен курулууда. 1-кезектегиси 1974-ж. 9-майда ачылган (уз. 6,7 *км*).

П-да арх-ралык эстеликтер көп. Европадагы бак-дактуу кооз шаарлардын бири. Андагы көп имараттар готика ыкмасында (бийик мунаралуу Граддагы ыйык Вита собору, 10-к.), Король сарайы (15—16-к.), мунаралуу Карл көпүрөсү (14-к.), Тын чиркөөсү (14-к.) ж. б. курулган. Барокко улгүсүндөгү сарайлар да көздешет. 1784-ж. Эски ж-а Жаңы ш-ларын Мала-Страна ш-на бириккен. 19—20-к-дын башында шаардын очогу — Вацлав аянты коркондүрүлүп, Вацлавга эстелик (1913) тургузулган, көөмдүк ж-а турак жайлар курулган. Алардын ичинен — Улуттук театр (1868—81). 1945-жылдан турак үйлөр курулуп, ө. ж. райондорунун коруңуучу өзгөрүүдө. 1963-жылкы реконструкциялоо планы б-ча коркондүрүлгөн турак жай райондору м-н катар Улуттук чогулуш имараты (1970—73, арх. К. Прагер), Политех. ин-т ж. б. салынган. П-да Ян Гуска (1915), Витков тоосундагы Азаттык эстелиги (1929—32, арх. Я. Зазворка), Чех кайраткерлеринин (Славинада) ж-а сов. жоокерлердин бейитине (Ольшанында) тургузулган мемориал ансамблдер бар.

П-да Карл ун-ти (Прага ун-ти), 17-ноябрь атн. ун-т, Чехия жог. тех. окуу жайы, жог. химия-тех., экон. ж-а а. ч. мектептери, муз. иск-во академиясы, консерватория, илв. из. ин-ттар, лабор-ялар, ири китепканалар, музейлер, 26 театр, филармония ж. б. иштейт.

Ад.: Георгиевская Е. Б., Прага, М., 1967; Рыбар Ц., Прага. Путеводитель, [пер. с чеш.], Прага, 1972.

ПРАГА УНИВЕРСИТЕТИ, Карл университети — Европадагы байыркы ун-ттердин бири, туңгуч славян ун-ти. Император Карл IV (анын ысмы м-н аталган) Прагада 1348-ж. негиздеген. Алгачкы жолу ун-тте эркин иск-во, укук, мед. ж-а теология ф-теттери болгон. Гусчулардын рев-ячыл кыймылы мезгилинде улуттук-бошт. ж-а антикатоликтик күрөштүн борборуна айланган. Ян Гус эки жолу П. у-нин ректору болуп шайланган. 1882-ж. П. у. 2 ун-тке — чех ж-а немецтик болуп бөлүнгөн. Фашист немец оккупациясы мезгилинде чех ун-ти иштеген эмес; ишин 1945-ж. жандандырган. 1975-ж. П. у-нин математем. ж-а физ., табият таануу, жалпы мед. (Пльзендеги бөлүмү м-н), мед. (Гражес Краловдо), педиатрия, мед. гигиена, филос., укук, мад-т ж-а журналистика, дене тарбия ж-а спорт, пед. ф-теттер; астр-ялык ин-т (1887-ж. негизделген), мугалимдердин билимин өркүндөтүү ин-ту (1960-ж. негизделген) бар. П. у-нин китепканасы (1348-ж. негизделген) — Чех. Соц. Респ-касынын мамл. китепканасынын бөлүмү. Анда 2 млн-чо том бар. 1974—75-окуу жылында 21 миңден ашык студент окуп, 3 миңге жакын окутуучу болгон. 1958-жылдан илв. эмгектердин жыйнагы чыгарылат.



Прага ш. Вацлав аянты.

ПРАГМАТИЗМ (гр. prágmatos — иш-аракет) — азыркы бурж. философиядагы субъективдүү-идеалисттик багыттардын бири. Анын идеясын 19-к-дын 70-жылдарында амер. философ ж-а математик Ч. С. Пирс негизден, У. Жемс, Ж. Дьюи, Ф. К. Шиллер (Англия) уланткан. П-ди жактоочулар башка өлкөлөрдө да бар, бирок П.—негизинен АКШдагы филос. агым. Прагматисттер философияда «үчүнчү» багыт түзүүгө доомат кылып, өз окуусун материализм м-н идеализмден «жогору» деп дацазалашат. Чындыгында алар объективдүү реалдуулукту адам тажрыйбасынын бир жагы деп карашат. Акыйкат м-н пайдалуулук бирдей деп эсептеген прагматисттик теория кеңири тараган. Прагматисттер жаратылыш м-н коомдун объективдүү закон ченемдерин адам аңдай албайт деп санашып, ил. гипотезаларды, закондорду, түшүнүктөрдү пайдалуулугуна жараша баалашкан. «Жолдуулукту» (успех) субъективдүү чечмелешет. Социалдык-саясий окуусу — реакциячыл. П. индивидуализмди, таптык гармонияны жактап, коомдук турмуштун закон ченемин танат. П-дин Дьюи, С. Хук сыяктуу өкүлдөрү СССРге ж-а марксизмге өтө кас болгон. П-дин идеясы бурж. педагогикада, логикада кеңири таралган. В. И. Лениндин *«Материализм жана эмпириокритицизм»* аттуу эмгегинде, көпчүнкү жылдарда чыккан сов. ж-а чет элдик марксчылардын эмгектеринде П. катуу сынга алынган. Өз алдынча филос. мектеп катары анын таасири томондоду. Бирок анын кээ бир идеялары башка идеалисттик агымдар, өзгөчө *неопозитивизм* колдоодо.

Ад.: Уэллс Г., Прагматизм—философия империализма, М., 1955; Современная буржуазная философия, М., 1972.

ПРАДО Чавес Хорхе дель (15. 8. 1910-ж. т., Яуара, Арекипа департаменти) — Перу жумушчу кыймылынын ишмери, журналист. 1929-ж. Перу коммунисттик партиясына (ПКП) өткөн. 1931-жылдан ПКП БКнын мүчөсү, 1931—34-ж. ПКПнин Лимадагы комитетинин секретары-уюштуруучусу. 1935—38-ж. компартиянын Кускодогу комитетинин иши үчүн БКдагы жооптуу кызматкер. 1938—41-ж. камакта отурган. 1942-жылдан ПКП БКнын Саясий комиссиясынын ж-а Секретариатынын мүчөсү. 1946—48-ж. ПКП БКнын ген. секретары. 1949-ж. ПКПнин Арекипадагы комитетинин жооптуу секретары. 1951—56-ж. эмиграцияда. 1956—58-ж. ПКП БКнын секретары. 1958—62-ж. ПКПнин борб. органы — «Унидад» газетасынын башкы редактору. 1966-жылдын ноябрынан ПКП БКнын ген. секретары. Бир нече жолу камалган. П.— жумушчу ж-а профсоюз кыймылы б-ча эмгектердин, алардын ичинде профсоюз иши б-ча окуу китебинин автору.

ПРАЗЕОДИМ (лат. Praseodymium), Pr — хим. элемент, ат. н. 59, ат. м. 140,9077; сейрек жер металлы, к. *Лантаноиддер.*

ПРАКТИКА (гр. praktikós — кыймыл-аракеттүү, активдүү) — коом өнүгүшүнүн ж-а таанымдын кыймылдаткыч күчүн, жалпы негизин түзүп, социалдык, табигый объектилерди өздөштүрүүгө, кайра курууга багытталган адамдын материалдык, максатты түзүүчү ш-аракети. Ага адамдардын өндүрүштүк ш-аракети, таптык күрөш, ил. эксперимент ж. б. кирет. Кишилердин өндүрүштүк ш-аракети коомдук турмуштун бардык негизин түзөт, коом ж-а адам өнүгүшүн аныктайт. Коомдук П.— *аң-сезимдин* негизи ж-а чындыктын критерийи. П-ны чындыктын объективдүү критерийи катары караган марксчылык түшүнүк аны адамдын жеке пайдасына багытталган ш-аракет деп эсептеген идеалисттик көз карашты түп тамырынан бери төгүндөдү. Коомдук-тарыхый П. өнүгүп-өскөн сайын дүйнөнү ил. таануу да өнүгүп-осот. Марксизмде П. дайыма өнүгүү ж-а кыймылда деп каралат. Кээде жаңы П. жашап жаткан теориялык көз карашка карама-каршы келгени м-н анын ыгына жараша теория өзгөрүп, карама-каршылык чечилет. Өсүп өнүгүүдөгү П. бир теорияны төгүнгө чыгарып, башка бирин ондоп-толуктайт, байытат ж-а жаңысын пайда кылат. Мис., марксчыл теория бардык коомдук-тарыхый П-ны ж-а ил. бардык жетишкендиктерди жалпылоонун негизинде өнүгүп өстү. Марксизм теория м-н П-нын биримдигин талап кылат. Теория П-сыз, П. теориясыз болбойт. Теория П-дан чыгып, ага кызмат кылат.

Ад.: Основы марксистской ленинской философии, 4 изд., М., 1978; Практика и познание, М., 1973.

ПРАКТИКАЛЫК АСТРОНОМИЯ — *астрометриянын* бир бөлүмү; ал астр-ялык байкоолордон убакытты, геогр. координаталарды ж-а багыттын

азимуттарын аныктоо ж-а астр-ялык аспаптарды үйрөнүүгө арналган. П. а-ның маселесин чечүүнүн шартына жараша ал геодезиялык астр-я, деңиз астр-ясы ж-а авиация астр-ясы болуп бөлүнөт. П. а-ның аспаптары горизонталь, вертикаль тегиздиктеги бурчтарды чеңоодо ж-а жарык чыгаруучунун вертикаль ж-а альмукантарат аркылуу өтүү учурун белгилоодо колдонулат. Мындай аспаптарга: универсал аспап, зенит-телескоп, сүротко түшүрүп алма зенит түтүгү ж. б. кирет (к. *Астрономиялык аспаптар жана приборлор*). Ал эми кеңдикти аныктоодо убакыт радиосигналын кабыл алуучу аппараттар пайдаланылат. П. а. маселелери астр-я, геодезия, геофизикада чоң мааниге ээ.

Ад.: Цветков К. А., Практическая астрономия, 2 изд., М., 1951.

ПРАКТИКАЛЫК ТИЛ ИЛИМИ — тил илиминин түздон түз практикада колдонулуучу бөлүгү. Аның милдети: жазмасыз элдерге жазма түзүү ж-а аны оорчутүү; терминологиялык, орфографиялык, түшүндүрмө ж-а жалпы тилдик сөздүктөр түзүү; ил.-тех. ад-ттарды которуу; байыркы жазмаларды чечип окуу (дешифровка); тил үйрөтүү ыкмаларын оркүндөтүү; тамга таануучу ж-а китеп окуучу автомат (читающий автомат), информ. илимий тил, «киши автомат» диалогун, жыштык (частотный) сөздүк, конкорданс, тезаурустарды түзүү; ЭЭМдин жардамы м-н ил.-тех. текстterге аннотация ж-а реферат жазуу. П. т. и-нде салттуу тил илиминин ыкмаларынан баштап .матем. структуралык тил илимининн ыкмалары, ЭЭМдер, спектрдик, интонографтык, осциллографтык приборлор, электрондук синтезаторлорго чейин колдонулат.

П. т. и-ндеги жаңы ыкмалар ил.-тех. прогресстин таасири м-н 50-жылдардан тартып дүркүрөп өнүгө баштады. Ал теориялык тил илими, математика, физика (тилдин тыбыштык түзүлүшүн акустикалык ыкма м-н изилдөө), психология, семиотика, тарых, арх-я ж. б. илимдер м-н байланышта өнүгүүдө.

П. т. и. методдору медицинада (психиатрияда) оорулууларга диагноз коюуда, криминалистикада аноним жазуулардын ээсин лингв. статистика ыкмасы м-н табуу ж-а кишини үнүнөн таануу сыяктуу иштерде колдонула баштады. Бул илимдин практикалык маселелерди чечүүдө пайда болгон айрым ыкмалары тил илиминдеги өзүнчө тармакка чейин өсүп жетти. Алар: трансформациялык грамматика, тилдик моделдер ж. б.

Ад.: Звегинцев В. А., Теоретическая и практическая лингвистика, М., 1968; Хомский Н., Логические основы лингвистической теории. в сб.: «Новое в лингвистике», в. 4, М., 1965.

ПРАПОРЩИК (байыркы славянча прапор — туу дегенден) — сов. Куралдуу Күчтөрдө 1972-жылдын 1-январынан (Россияда 18-к-дын башында) кийирилген кеңже офицердик аскер наамы П. чини Чехосл-я армиясында да бар. Рев-га чейин орус армиясында да П. кеңже офицердик чин (эң оболу ал туу көтөрүүчү) болгон.

ПРЕДЕЛ — математиканын негизги түшүнүктөрүнүн бири. Эң жөнөкөйү— $\{a_n\}$, $n=1, 2, 3, \ldots$ сан удаалаштыгының П-и. Эгерде каалагандай кичине $\varepsilon>0$ үчүн жетиштүү чоң номер N табылып, удаалаштыктын $n\geqslant N$ шартын канаattандырган индекстүү ар кандай мүчолөрү үчүн $|a_n-a|<\varepsilon$ барабарсыздыгы аткарылса, анда a саны бул удаалаштыктын П-и деп аталат. Аны $\lim\limits_{n\to\infty} a_n=a$ (же кыскача $n\to\infty$ да $a_n\to a$) түрүндө жазуу шарт кылып алынган. Мында *lim* — латындын *limes* (чек, предел) деген сөзүнүн биринчи мууну. Эгер сан удаалаштык П-ге ээ болсо, ал жыйналма деп аталат. Мис., $\left\{\frac{1}{2n+1}\right\}$ удаалаштыгы жыйналма болот да, аның П-и 0 санына барабар; $\{(-1)^n\}$ сан удаалаштыгы П-ге ээ эмес, анткени аның мүчолөрү n дин жүп же так болушуна карата 1 ж-а —1 маанилерин кыдырып, белгилүү бир санга жакындай албайт.

П. түшүнүгүн функцияларга да колдонууга болот. Чыныгы маанилүү $f(x)$ функциясы ($x_0-\delta$, $x_0+\delta$) аймагында аныкталсын (ал x_0 чекитинде мааниге ээ болбошу да мүмкүн). Эгерде x аргумент ошол аймактан ар кандай $\{x_n\}$ чекиттеринин маанилерин кыдырып чыкканда ($x_n\neq x_0$), $n\to\infty$ да $x_n\to x_0$ ага туура келген функциянын маанилеринин удаалаштыгы $\{f(x_n)\}\to A$ (бир эле А санына умтулса), анда A саны $f(x)$ функциясынын П-и деп аталат. Жазылышы $\lim\limits_{x\to x_0} f(x)=A$ (же $x\to x_0$ да $f(x)\to A$). Функциянын чекиттеги П-ин удаалаштык түзбостон эле аргументтен аныктоого болот. Эгер каалагандай кичине $\varepsilon>0$ үчүн, жетиштүү кичине $\delta>0$ табылып, x тин $|x-x_0|<\delta$ (мында $x\neq x_0$) шартын канаattандырган бардык маанилеринде $|f(x)-A|<\varepsilon$ барабарсыздыгы аткарылса, анда A саны $f(x)$ тин x_0 чекитиндеги П. деп аталат. x өзгөрмөсү x_0 чекитинде жалаң гана оң жагынан ($x>x_0$) же жалаң гана сол жагынан ($x<x_0$) жакындаганына карата оң жаккы же сол жаккы П-дер ж-догу түшүнүктөр колдонулат. «П.» түшүнүгүн ар кандай объектилердин көптүгү үчүн дагы жалпылоого болот. П-ге өтүү операциясына таянып, түүнду ж-а аныкталган интеграл түшүнүктөрүнө ээ болобуз.

Ад.: Смирнов В. И., Курс высшей математики, т. 1, М., 1976; Кудрявцев Л. Д., Математический анализ, т. 1—2, М., 1970.

ПРЕДЕЛДИК ТЕОРЕМАЛАР (ыктымалдыктар теориясындагы) — чоң сандагы көкүстүк фактордун таасиринен пайда болө турган закон ченемдердин шарттарын көрсөтүүчү теоремалар. Эгерде n жолу көз каранды эмес сыноодо A окуясының пайда болуу саның m дөсөк, анда m/n анын пайда болуу жыштыгы деп аталат. П. т. чоң n сандагы көз каранды A окуясының пайда болуу жыштыгының аның ыктымалдыгы p дан ($0<p<1$) кыйшаюусун мүнөздөйт. Алардын негизгилеринин бири С. Д. Пуассон теоремасы: эгерде A окуясының k сандагы сыноодо пайда болуу ыктымалдыгы p_k ($1\leqslant k\leqslant n$) дөсөк, анда $n\to\infty$ да пайда болуу жыштыгы m/n, аның пайда болуу орт. ыктымалдыгынын $[p=(p_1+p_2+\ldots+p_k)/n]$ пределдик абалына каалагандай жакындайт.

Ад.: Прохоров Ю. В., Розанов Ю. А., Теория вероятностей. Основные понятия. Предельные теоремы. Случайные процессы. 2 изд., М., 1973.

ПРЕДИКАТ (лат. praedicatum — айтылган) — 1) логикада ой жүгүртүүнүн предмети ж-до айтылган ой жүгүртүүнүн логикалык баалидоочу, мис., «самолёт учуп баратат» деген ой жүгүртүүдө П. «учуп баратат»; 2) грамматикада П. баалидоочунун милдетин аткарат.

ПРЕДНИЗОЛОН — *гормон дарыларының* бири. Синтет. жол м-н алынат. П. *аллергия* м-н сезгенүүгө каршы таасир этет. Таблетка, эритме түрүндө ж-а майы *кызыл жүгүрүк, полиартрит*, бойроктун кээ бир ооруларында, бронх астмасында ж. б. колдонулат.


ПРЕДТЕЧЕНКА — Москва р-ундагы Предтеченка айыл советине карашtуу кыштак. «Москва» с-зунун аймагында. Райондун борбору ж-а т. ж. станциясы Беловодскийден 16 *км* түн. таранта. Калкы 1190 (1976). Орто мектеп, мад-т үйү, медпункт бар.

ПРЕЗИДЕНТ (лат. praesidentis — башында, алдында отуруучу дегенден) — 1) айрым коомдук, илимий ж. б. уюмдар м-н мекемелердин шайланма жетекчиси, пред-ли (мис., СССР ИАның П-и, СССР — Франция достук коомунун П-и). 2) Респ-калык формадагы башкаруусу бар мамлекеттердин башчысы.

ПРЕЙСКУРАНТ (нем. Preis — баа, фр. courant — күндөлүк, учурку) — товар м-н кызмат баасы (тарифи) тобу ж-а түрү б-ча системага салынган жыйнак. СССРде дүң, чекене ж-а сатык баа, о. эле транспорт, коммуналдык ж-а тиричилик жактан тейлөө кызматының тарифи б-ча өзүнчө П. кабыл алынат. Анда стандартка же тех. шартка ылайык товардын (продукциянын) аты, маркасы, стандарт же тех. шарт номери, продукциянын кыскача тех. мүнөздөмөсү, чен бирдиги, баасы ж. б. көрсөтүлөт. П-ты СССРдин мамл. баа комитети, тиешелүү бийлик органдары бекитет.

ПРЕКОС (лат. praecox — эрте, тез жетилүүчү) — эт-жүн багытындагы уяң жүн кой породасы. 19-к-дын аягында Францияда рамбулье кою лейстер, кийинчерээк Германияда нем. мериностор англ. узун жүндүү порода

м-н аргындаштырылып чыгарылган. Кочкорунун тирүү салм. 100—110, айрымы 115 *кг*. Кочкорунан 8—10, мыктысынан 14, соолугунан 3,8—4,2, айрымынан 10 *кг* жүн кыркылат. Жүнү 58—60-сапатта, уз. 7—10 *см*. Таза жүнү 45—50%. 100 тубар койдон 150-го чейин козу алынат. Бул кой жемчөптү көп жеп, тез жетилет. Франция, ГДР, Түн. Африка өлкөлөрүндө асыралат. СССРге 1926—31-ж. Германиядан алып келинген. РСФСРде



Башкырт, Татар АССРлеринде, УССР, БССРде остүрүлөт. П. кыргыз уяң жүндүү коюн чыгарууда пайдаланылган.

ПРЕЛЮДИЯ, прелюд (лат. praeludo — кириш мө ойнойм) — муз. аспаптык пьеса; көбүнчө жеке ойнолот. Алгач муз. пьесага чакан кириш катары лютняда, клавиштүү кыл аспапта же органда аткарылган. 18-к-дан П. өз алдынча пьеса катары негизинен клавиштүү кыл аспапта аткарылып келген. И. Бах П-ның кичи цикли — фуганы, о. эле П. м-н фуганын чоң циклин түзгөн. Андай цикл-дер Д. Шостакович, Ф. Шопен, А. Скрябин ж. б-ларда да бар.

ПРЕМЧАНД (чын аты-жөнү — Дханпатрай Шривастав; 31. 7. 1880, Ламхи, Бенареске жакын—8. 10. 1936, Бенарес) — инди жазуучусу ж-а публицист. Туңгуч ачкөмө жыйнагы («Ата Журтту сүйүү») 1909-ж. жарык көргөн. П-дын «Кечилдин сүйүүсү» (1922), «Майдан» (1925), «Кармаш талаасы» (1932), «Ажалы жеткен үй» (1936) романдарында, «Жети лотос» (1917), «Баатырдык сапар» (1932) жыйнактарында инди элинин турмушу, бийлик башындагылардын зомбулугу реалдуу сүрөттөлөт. П.— урду ж-а хинди ад-ттарында сын реализмди негиздөөчү, Индия прогрессчил жазуучулар ассоциациясын түзүүчүлөрдүн бири. Классикалык орус адатын, Горькийдин чыг-ларын жогору баалаган, Л. Толстойдун 20дан ашык ачкөмөсүн хинди тилине которгон.

Чыг.: Растрата, М., 1961; Ратный путь. Рассказы, М., 1969.

Ад.: Валин В., Премчанд—новеллист, Л., 1973.

ПРЕМЬЕРА (фр. première — биринчи) — жаңы (же жаңыртылган) спектаклдин, эстрада, цирк программасынын, кино ж-а телефильмдин ж. б-ның биринчи ачылуу көрсөтүлүшү. Репертуардагы жаңылык да П. деп аталат.

ПРЕМЬЕР-МИНИСТР — азыркы бир катар чет өлкөлөрдө мамлекет башчысы дайындоочу өкмөт жетекчиси. П.-м. министрлерди дайындайт ж-а иштен алат, өкмөттүн күндөлүк ишине жетекчилик кылат, админ. аппаратты жетектейт. Эреже катары П.-м. басымдуулук кылган партиянын же парт. коалициянын лидери, парламенттик фракциянын көпчүлүгүнө жетекчилик кылат. Кээ бир мамлекеттерде (мис., ГФРде) өкмөт башчысы — канцлер деп аталат.

ПРЕНСА ЛАТИНА (ПЛ) — Латын Америкасынын кабар агентствосу. Акционердик коом катары 1959-ж. уюшулган. Гаванада Латын Америка өлкөлөрү м-н Куба Респ-касын кабар м-н жабдыйт. Латын Америкасы, Европа, Азиянын көп өлкөлөрүндө кабарчы пункттары бар. ТАСС ж-а башка өлкөлөрдүн агентстволору м-н кабар алгоолошун турат. Латын Америка жацылыктарынан испан ж-а англис тилдеринде бюллетень чыгарат.

ПРЕОБРАЖЕНСКИЙ Борис Сергеевич [15(27). 6. 1892, Москва—7. 12. 1970, ошол эле жер] — сов. оториноларинголог, СССР МИАнын акад. (1950). Соц. Эмг. Баатыры (1962). 1914-ж. Москва ун-тинин мед. ф-тетин бүтүргөн. 3-Москва мед. ин-тунун проф. (1936—41), 1941-жылдан 2-Москва мед. ин-тунун оториноларингология кафедрасынын башчысы. П-дин ил. эмгектери негизинен ангина, онокот тонзиллит, дүлөйлүк, кулак, мурун ж-а тамактын жабыркашы, оториноларингологиядагы аллергияга ж-а медицинанын тарыхына арналган. П.— оториноларингологдор мектебин ж-а Бүткүл союздук оториноларингологдор ил. коомун уюштуруучу. Я. Пуркине атн. Чехосл-я оториноларингологдор коомунун ж-а Венгрия мед. коомунун ассоциациясынын мүчөсү. Беш Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Болезни уха, горла и носа, 7 изд., М., 1968 (совм. с Я. Темкиным, А. Г. Лихачевым); Ангина, хронический тонзиллит и сопряженные с ним заболевания, М., 1970 (совм. с Г. Н. Поповой).

ПРЕСС (лат. presso—басам, кысам)— материалдарды басым м-н ыктап тыгыздоочу статикалык (согуусуз) аракеттүү машина. П. негизги болүктөрдөн — жылгычтан (траверс), жылгычты багыттагыч ж-а стол орнотулган станинадан, ыймылга келтиргичтен, башкаруу механизмдеринен, механикалаштыруу ж-а автоматташтыруу каражаттарынан, аспаптан турат. П-те аспаптын ыймылдуу болүгү алга-артка ыймылдоочу жылгычка (к. сүрөт), ал эми аспаптын ыймылсыз болүгү П-тин станинасына бекитилет. П-тер ыймыл бергичтери б-ча гидравликалык, мех. (кривошиптүү, бурамалуу, фрикциондуу, гидромех.), арналышына жараша жылгычы вертикаль (штамптоо үчүн) ж-а горизонталь (пресстөө үчүн) жыла турган болуп болүнөт. П-тердин ичинен эң кубаттуусу гидравликалык штамптоо П-и 735 *Мн* (75000 *тк*), алмазды алуучу П. 490 *Мн* (50000 *тк*), кривошиптүү П. 100 *Мнго*, бурамалуу П. 125 *Мнго* жакын бере алат. П. өндүрүштүн ар кандай тармактарында металлдарды, пластмассаны, резинаны, а. ч-да продуктуларды ж. б. материалдарды жог. басымда ыктап тыгыздоо үчүн колдонулат. П. металл иштетүү өндүрүшүндө металлдарды согуп иштетүүдө, көлөмдүү ж-а таштап иштетүүдө, пресстөөдө, тиштүү дөңгөлөктөрдү, подшипник шакектерин пресстен кураштырууда ж. б. кеңири пайдаланылат.

Ад.: Живов Л. И., Овчинников А. Г., Кузнечно-штамповочное оборудование. Прессы, Хар., 1966; Злотников С. Л., Ровинский Г. Н., Листоштамповочные механические прессы, М., 1968.


ПРЕСС-БЮРО, пресс-центр — 1) съезд, конгресс, спорттук мелдеш ж. б. иш чараларды өткөндө уюштурулуп, алар ж-до кабар даярдай турган журналисттерге көмөк көрсөтүү информ. кызмат; 2) ири газета редакциялары, басма сөз, телеграф агентствосунун ж. б. мекемелерге каратуу дайыма иштеген информ. орган.

ПРЕСС-КОНФЕРЕНЦИЯ — басма сөз, радио, телекөрсөтүү органдарының өкүлдөрүнүн официалдуу адамдар м-н уюштурган жыйыны; журналисттерге актуалдуу коомдук-саясий маселелерди таныштыруу максатын көздөйт. Мамл. ж-а коомдук ишмерлер, илимпоздор ж. б-лардын журналисттер м-н суроо-жооп претинде жолугушуусу да П.-к. деп аталат.

ПРЕСС-ПОДБОРЩИК — чоң, саман жыйноо ж-а таңгактап пресстөө үчүн колдонулуучу а. ч. машинасы, к. *Чоп таңгактагыч.*

ПРЕССТӨӨ — материалдарды ыктоо, формасын өзгөртүү, катуу фазадан суюк фазаны болүү, мех. ж. б. касиеттерин өзгөртүү максатында басым м-н иштетүү процесси. П. — жог. басымдагы пресстер м-н ишгелет. Бул процесс изостатикалык П. (порошок материалдарын туюк көлөмдө жог. басымдагы суюктук м-н иштетүү), газ-статикалык П. (порошок материалдарын жог. басымдагы ж-а жог. темп-радагы газ м-н иштетүү), гидростатикалык П.

Механикалык пресстердин түрлөрү: *1* — кривошиптүү (эксцентриктүү) пресс; *2* — винттүү пресс; *3* — инерциялуу пресс; *4* — рейкалуу пресс; *5* — рычагдуу пресс.




(металл материалдарынын формасын өзгертүү үчүн жог. басымдагы суюктук м-н иштетүү), **импульстуу П.** (жардыруу, магнит-импульстук иштетүү) болуп бөлүнөт. П. өндүрүштүк ар кандай тармактарда металл, полимер, жыгач материалдарынан ж. б. буюмдарды, заготовкаларды жасоодо, коломдүү бөрпөк материалдарды пакеттөөдө (мис., чөп, саманды ныктоодо) ж. б. колдонулат.

ПРЕСС ТРАСТ ОФ ИНДИЯ (ПТИ) — Индиянын кабар агентствосу. Газета эълерининн акционердик коому катары 1949-ж. түзүлгөн. Бомбей ш-нда. 200дөн астам газета, борб. окмот, штат окмоттөрүн, радиону, соода фирмаларын, банктарды ж. б. уюмдарды кабар м-н жабдып турат. Кабарлары англис тилинде даярдалат. Москва, Нью-Йорк, Лондон, Париж сыяктуу ири шаарларда кабарчылары бар. ПТИ — Азия кабарчылар уюмуна мүчө.

ПРЕСТЕС Луис Карлос (3. 1. 1898-ж. т., Порту-Алегри) — бразилиялык ж-а эл аралык жумушчу кыймылынын ишмери. 1934-жылдан Бразилия компартиясына (БКП) мүчө. Аскер кызматчынын үй-бүлөсүнөн. Жог. аскердик билими бар. 1918—24-ж. бразилия армиясынын капитан инженери. Солдаттар м-н офицерлердин арасында рев-лык ишт жүргүзүп, 1924—27-ж. А. Бернардистин бийлигине каршы демокр. күчтүн куралдуу күрөшүнө жетекчилик кылган. 1927—31-ж. Боливия, Аргентина, Уругвайда эмиграцияда жүрүп, алардын компартиясы м-н байланышкан. 1931—34-ж. Сов. Союзунда жашаган. 1935-ж. Ж. Варгастын бийлигине каршы бразилия элинин күрөшүн уюштуруучу, Улуттук-бошт. альянстын рев-ячыл армиясынын жетекчиси ж-а ардактуу пред-ли. Которулуш басылган соц 1936—45-ж. камакта болгон. П. 1943-жылдан БКП БКнын, 1945-жылдан анын Аткаруу комиссиясынын мүчөсү ж-а БКП БКнын ген. секретары. 1945-ж. сенаторлукка шайланган. БКПнин ишине тыюу салынган соц жашырын иштеген (1947—58). Сыртынан 14 жыл эркинен ажыратылган. 1973-ж. Октябрь Революциясы ордени м-н сыйланган.

ПРЕТОРИЯ — Түш. Африка Респ-касынын борбор шаары. Өлкөнүн түн.-чыгыш тарабында. Апис д-нын ойүзбүйүзүндө. Жолдор тоому. Калкы 572 миң (1976). П. — өлкөдөгү кара металлургиянын борбору. Машина куруу ж-а металл иштетүү (автомобиль жыйноо, велосипед, электр жабдуу), химия, текстиль, тамак-аш, тамеки, цемент, полиграфия о. ж. ишканалары, ири т. ж. устаканасы иштейт. П-га жакын алмаз ж-а темир кени казылат. 2 ун-т, Тех. коллеж, А. ч. изилдөө директораты (6 ин-т), улуттук зообак, Түш. Африка геол. кызматы, Африка ин-ту, Түш. Африка ил. ж-а көркөм академиясы ж. б. ил. из. мекемелер, бир нече китепкана ж-а музейлер бар. П. 1855-ж. негизделген.

ПРЕЦЕССИЯ (лат. praecedo — алдыда жүрөм, мурда баштайм дегендей) — 1) кыймылсыз О чекиттүү катуу нерсенин ал нерсе м-н тыгыз байланышкан Oz огуна тегеренип айлангандагы Ω бурчтук ылдамдыктуу ж-а Oz_1 огун тегеренип айлангандагы ω бурчтук ылдамдыктуу айлануу кыймылдарынан түзүлгөн кыймылы (к. сүрөт); мында $Ox_1y_1z_1$ — шарттуу түрдө кыймылсыз деп алынган октор; z_1Oz тегиздигине перпендикуляр ON түз сызыгы П-нын түйүн сызыгы деп аталат; $\Psi = \angle x_1ON$—П. бурчу. Нерсе бул учурда *нутация* кыймылында да болуп, нутация бурчу $\Theta = z_1Oz$ б-ча өзгөрөт. 2) **Астр-ида** — Жердин айлануу огунун, симметрия огу эклиптика тегиздигине перпендикуляр болгон тегерек конус б-ча ≈26 000 жылда толук бир жолу айланып чыга турган дай кыймылы.



ПРЕЦИЗИЯЛУУ СТАНОК — тетиктерди ото так жасоочу *металл кесүүчү станок*. П. с. технол. белгиси ж-а колдонулган аспаптын түрүнө жараша токардык, жылмалоочу, тиш чыгаргыч, фрезердик; иштөө тактыгы б-ча жог. тактыктагы, ото жог. тактыктагы, өзгөчө жог. тактыктагы, өзгөчө тактыктагы П. с-тор болуп бөлүнөт. П. с-то иштетүү м-н тетиктин туура геом. формадагы бетин, 2-класс тактыктагы 11-класска чейинки тазалыктагы тетиктерди алууга болот (к. *Тактык класстары*). П. с-то талаптагыдай тетиктерди алуу үчүн жог. тактыктагы тетиктерди, түйүндөрдү, прецизиялуу ж-а ото жог. тактыктагы прецизиялуу томолонуп сүрүлмө, о. эле гидродинамикалык, гидро- ж-а аэростатикалык подшипниктерди колдонуу; жылуулук деформациясын, дирилдөөнү төмөндөтүү; түйүндөрдүн бекемдигин жогорулатуу, ото жог. тактыктагы текшерүү приборлорун пайдалануу, станокту башкарууну толук автоматташтыруу талап кылат.

ПРЖЕВАЛЬСК (1889-жылга чейин ж-а 1921—39-ж. Каракол) — Кыргыз ССРиндеги Ысык-Көл обл-нын борбору, шаар. Ысык-Көл ороонунун чыгышында, Тескей Ала-Тоонун этегинде, Каракол суусунун боюнда. Пржевальск пристанынан 12 *км*, Рыбачье т. ж. станциясынан 219 *км*, Фрунзе ш-нан 401 *км*. Деңиз деңг. 1700—1800 *м* бийикте. Климаты мелүүн континенттик. Январдын орт. темп-расы —6°С, июлдуку 20°С. Жылдык жаан-чачыны 350—450 *мм*.

Калкы 51 миң (1977; 1939-ж. 21 миң, 1897-ж. 8 миң). Негизинен кыргыз, орус, өзбек ж. б. жашайт. 1869-ж. 1-июлда падыша окмоту тарабынан эски кербен жолунун боюна негизделген. Караколдо 1872-ж. Ташкенден ж-а Түркстандын башка шаарларынан келишкен 150 адам (көбүнчө татарлар ж-а өзбектер) жашаган. 1890-жылдан Украинадан, Россиянын борб. губернияларынан ж-а Волга боюнан келгендер отурукташып, 1897-ж. шаар калкы 8 миңден ашып, 1913-ж. эки эсе көбөйгөн. Каракол ш. рев-яга чейин Кыргызстандагы көрүнүктүү шаарлардын бири болгон. Анда Кыргызстандагы алгачкы метеостанция (Я. И. *Корольков* 1881-ж. негиздеген) ж-а калк китепканасы (1905) иштеген, биринчи журнал («Пржевальский сельский хозяин», 1913-жылдан) чыккан. 1918-ж. П. ш-нда 7 мектеп, аялдар гимназиясы, эркектер окуу жайы, интернат, 4 медресе ж-а ар түрдүү уюмдар иштеген. Орус ж-а чет олколук саякатчылардын Азия изилдоолору үчүн база катары кызмат кылган. Шаарда 1888-ж. 20-октябрда (эски стиль м-н) Борб. Азияга жасаган бешинчи саякатынын башында Н. М. Пржевальский дүйнөдөн кайткан. 1889-ж. 11-мартта падышанын Указы м-н Каракол Пржевальск ш. деп аталган. П-де 1917-ж. К. Иваков, М. И. Чернов, С. Х. Деронин, П. Д. Гречко ж. б. жашырын большевиктик топ түзүшкөн. 1918-ж. 20-мартта Пржевальск жумушчу, солдат депутаттарынын совети бийликке келген. П.— 1939-жылдан Ысык-Көл обл-нын борбору. Ө. ж. өндүрүшүнүн көлөмү б-ча респ-кадагы шаарлардын ичинен 5-орунда. Тамак-аш ж-а жеңил ө. ж-ларынын үлүшүнө дүң продукциясынын 60% туура келет. Тамак-аш о. ж. ишканаларынан пиво, шарап, сүт, нан з-ддору, жеңил о. ж-нан кийим тигүү, бут кийим ф-калары, мебель комбинаты иштейт. Электртех., кирпич з-ддору бар. Курулуш материалдарын чыгарат. Энергияны Кыргызстан электр системасынан, о. эле жерг. ТЭСтен алат. П. автомобиль жолдор тоому. Шаар Пржевальск пристанынан областтын башка райондору м-н суу жолу аркылуу да байланышат. Фрунзе, Алматы, Ош, Рыбачье, Жалал-Абад, Чолпон-Ата ш-лары м-н аба жол катнашы бар.

1976—77-окуу жылында 11 орто (9659 окуучу), 1 сегиз жылдык мектеп, пионер үйү, пед. ж-а мед. окуу жайы (1408 студент), а. ч. техникуму (998), *Пржевальск педагогика институту* (3053) болгон. Шаарда 7 ооруканө, 5 поликлиника, 4 кинотеатр, 16 клуб, 26 китепкана, мад-т үйү, дары-дармек өсүмдүктөрүнүн ботаникалык тажрыйба станциясы ж. б. бар. Шаарга жакын Н. М. Пржевальскийдин мүрзө-эстелиги жана мемориал музейи жайгашкан.

Ад.: Гужин Г. С., Чормонов Б. Ш., Пржевальск шаары. Край тааныу боюнча кыскача очерк, Фр. 1971; Проблемы промышленного развития малых городов Киргизии, Фр., 1972; Исаев А., Картавов М. М., По Северному Тянь-Шаню, Фр., 1975.

ПРЖЕВАЛЬСК АЙЫЛ ЧАРБА МЕКТЕБИ 1888-ж. сентябрда ачылган. Ага 11—19 жаштагы көбүнчө кыргыз балдар кабыл алынган. Кышында орус тили, арифметика, тарых, физика, ботаника ж-а зоология сабактары окутулуп, түрдүү кол өнөрчүлүк үйрөтүлгөн. Мектептин 360 *га*дай жери, мал чарба фермасы азыркы Жети-Өгүз р-нунун Үлгү кыш-нда болгон. Жайкысын мектеп ушул жерге көчүп келчү. Тажрыйба участкасында буудай, сулу, арпа, тамеки, таруу, ыгыр айдалып, карагат, дан куурай, өрүк, чие, алма ж. б. отургузулган. 1889-ж. мектепте 13 кыргыз, 3 татар, 1 казак, 1 орус окуган. Ага Пржевальск у-нин болуштарынан: Тору-Айгырдан 5, Түргөндөн 4, Жети-Өгүздөн 3, Улаколдон 2, Пржевальск ш-нан 3 ж-а Верный у-нен 1 адам кирген. 1909-ж. 18 окуучудан 2 киши бүтүргөн. 300 китептүү китепканасы болгон. Мектеп 1916-ж. жабылган.

ПРЖЕВАЛЬСКИЙ Николай Михайлович [31. 3(12. 4). 1839, Смоленский губ., Кимборов кыш., азыркы Смоленский обл., Починков р-ну — 20. 10(1. 11). 1888, Каракол, азыркы Пржевальск ш., Кыргыз ССРи] — орус географы, Борб. Азияны изилдөөчү, генерал-майор (1886-жылдан), Петербург ИАнын ардактуу мүчөсү (1878-жылдан). 1867—69-ж. Уссури крайына саякат жасаган. 1870—85-ж. Борб. Азияга 4 жолу экспедиция уюштуруп, ал аймактын рельефин, климатын, дарыяларын, көлдөрүн, өсүмдүктөрүн, жаныбарларын изилдеген. Борб. Азиядагы негизги кырка тоолордун (Орус, Москва, Пржевальский, Алтын-Тоо ж. б.) жайгашуу багытын аныктап, Лобнор көлүн изилдеген ж-а этнография б-ча маалыматтарды чогултkан. Экспедиция учурларында ото көп воол., ботан. ж-а минералдык коллекция чогулган.




Н. М. Пржевальский.

П. орус ж-а чет мамл. ил. коомдордун көп медалдары м-н сыйланган. Орус геогр. коомунун (1880) ж. б. орус, чет мамл. коомдордун ардактуу мүчөсү. П-дин урматына Күмүш (1891) ж-а Алтын (1946) медалдар, о. эле сыйлык белгиленген. П-дин ысмына Кырг-ндагы шаар, Кунылундагы кырка тоо, Алтайдагы моңгу, Итуруп м-н Аляскадагы тумшуктар ж-а жаныбарлар м-н өсүмдүктөрдүн айрым түрлөрү аталган. Ысык-Көлдүн чыгыш жээгинде ж-а Ленинград ш-нда П-дин эстеликтери тургузулган.

Эмг.: Путешествие в Уссурийском крае 1867—1869 гг., СПБ, 1870; 2 изд., М., 1948; Монголия и страна тангутов. Трехлетнее путешествие в Восточной нагорной Азии, т. 1—2, СПБ, 1875—76; 2 изд., М., 1946; От Кульджи за Тянь-Шань и на Лобнор, М., 1878; 2 изд., М., 1947; Из Зайсана через Хами в Тибет и на верховье Желтой реки, СПБ, 1883; 2 изд., М., 1948; От Кяхты на истоки Желтой реки, Исследование северной окраины Тибета и путь через Лобнор по бассейну Тарима, СПБ, 1888, 2 изд., М., 1948.

Ад.: Дубровин Н. Ф., Николай Михайлович Пржевальский, СПБ, 1890; Козлов П. К., В азиатских просторах. Книга о жизни и путешествиях Н. М. Пржевальского, М., 1947; Битюков Г. С., Жизнь и путешествие Н. М. Пржевальского, Фр., 1963; Гавриленко В. М., Русский путешественник Н. М. Пржевальский, М., 1974.

ПРЖЕВАЛЬСКИЙ ЖЫЛКЫСЫ (Equus przewalskii) — жылкы уруусундагы ай туяк жаныбар. Н. М. Пржевальский 1879-ж. Борб. Азиядан таап, сыпаттап чыккан. Моюну кыска ж-а жазы, тик ж-а кыр жалдуу, көкүлү жок, кулагы тикчигий, жазы маңдай, манек баш, денеси тукур. Айгырынын тулкусунун уз. 2,3 *м*дей, бийикт. 1,3 *м*че, салм. 200—300 *кг*, бээси саал кичирээк. Өңү кула же кер (сары же кула кер), төрт аягы каралжын. Куйрук, жалы кара күрөң. 11 айча көтөрүп, апр.— майда кулундайт. П. ж. мурда Жунгар чөлүндө тараган. Табигый шартта 5—20дан үйүрү м-н жүргөн. Азыр бары-жогу белгисиз. П. ж.— кадимки жылкынын Европа м-н Америкадан (СССРде Аскания-Нова-да) зоопарктарында гана кездешүүчү



бирден бир жапайы түрү. Бакма жылкы м-н аргындаштырылат.

Ад.: Млекопитающие Советского Союза, т. 1. М., 1961.

«ПРЖЕВАЛЬСКИЙ-СЕЛЬСКИЙ ХОЗЯИН» — рев-ядан мурда Кырг-нда басылып чыккан алгачкы журнал. Ал Пржевальск у-дик а. ч. коомунун органы болуп, 1913-ж. марттa 1—2-саны бирге басылган. Аны уездге белгилүү бал челекчи Я. Б. Силин редакторлогон. Журналдын максаты а. ч-нын жерг. өзгөчөлүктөрүн баягдан, уездин калкынын арасында а. ч. билимин таратуу болгон. Анын беттеринде дыйканчылык, багбанчылык, аарычылык, мал чарбачылык, ветеринария, кооперация ж. б. ж-дө макалалар, адистин кеңеши, сунушу жарыяланган. А. ч. б-ча жаңы ад-ттар ж-дө баяндамалар да берилген. Бакдарактарга түшкөн курттарды жоюу б-ча кеңештер айтылган тиркеме барактар чыгарылып, жер-жерлерге жөнөтүлүп турган.

Ад.: Айтмамбетов Д., Культура киргизского народа во второй половине XIX и начала XX века, Фр., 1967.

ПРЖЕВАЛЬСКИЙ ЭСТЕЛИГИ—орустун улуу саякатчысы ж-а географы Н. М. *Пржевальскийге* тургузулган эс-



Н. М. Пржевальскийдин эстелиги (инж. К. А. Борисоглебский). 1894.

телик. Пржевальск ш-нын түн.-батыш тарабында, улуу саякатчынын мүрзөсүнүн жанында. Эстеликтин эскизин А. А. Бильдерминг түзүп, моделин акад. И. И. Шредер жасаган. 1894-ж. инженер К. А. Борисоглебскийдин жетекчилиги м-н граниттен тургузулган. Чокусунда Н. М. Пржевальскийдин саякатынын маршруту көрсөтүлгөн Азия картасын чөңгөлдеген бүркүттүн тулкусу (колодон куюлган) орнотулган. Эстеликтин жог. бетинде крест, төмөн жагында саякатчынын профили тартылган коло медаль түшүрүлгөн. П. э-нин жалпы салмагы 365 *т*, бийикт. 8 *м* 20 *см*. Ал мүрзө-

1. Пржевальск шаарындагы борбордук аянт. 2. III Интернационал көчөсүндөгү жаңы турак жайлар.





пун түш. тарабында жайгашкан. Парк ичинде Н. М. Пржевальскийдин музейи бар.

ПРЖЕВАЛЬСК КЫРКА ТООСУ, Аркатаг — Куньлундун борб. болгүндөгү кырка тоо, КЭРде. Уз. 650 *км*, бийик. 7723 *м*ге чейин (эң бийик чокусу Улуг-Муатаг). Негизинен гнейс, гранит, кумдуктардан турат. Тоонун бийик кырларында кар, моңгүлөр жатат. Өсүмдүктөрго жарды, ар-түркүн чөптөр, майда бадалдар ж. б. осот. Түп. капталында алтын кени бар. Тоону 1884-ж. орус саякатчысы Н. М. *Пржевальский* ачылдеген.

ПРЖЕВАЛЬСК ПЕДАГОГИКА ИНСТИТУТУ — жог. билимдүү адис мугалимдерди даярдоочу жог. окуу жайы. 1953-ж. Мугалимдер ин-тунун базасында түзүлгөн. Алгач ин-ттун 7 кафедрасында 28 мугалим иштеген. 1978-ж. ин-ттун 29 кафедрасында иштеген 208 окутуучунун экөө илимдин доктору, 36сы илимдин кандидаты. 1978-ж. 2072 студент күндүзгү, 901 студент сырттан окуу болумуно кабыл алынган. Ин-тта 6 ф-тет иштейт: орус тили ж-а ад-ты, матем., физика, табият-геогр., көркөм-графика, педагогика ж-а башталгыч класстарды окутуунун методикасы.

ПРЖЕВАЛЬСК ПРИСТАНЬ — Ысык-Көл обл-ндагы ш. т. посёлка. 1944-ж. негизделген. Пржевальск шаарткомунун карамагында. Ысык-Көлдүн жээгиндеги маанилүү порт. Пржевальск ш-нан 12 *км* түп.-батыш тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан суу жолу б-ча 220 *км*. Калкы 4 миң-че (1977). Орто мектеп, мад-т үйү, клуб, 2 китепкана, оорукана, үй-тиричилик комбинатынын болүмдөрү бар. П. п-на жакын орус саякатчысы Н. М. Пржевальскийдин мүрзөсү ж-а эстелиги бар.

ПРЖЕВАЛЬСК СОЛДАТ, ЖУМУШЧУ ДЕПУТАТТАР СОВЕТИ Пржевальск солдат депутаттарынын совети (1918-ж. мартта түзүлгөн) м-н Пржевальск жумушчу депутаттар советинин (1918-ж. 2-июнда түзүлгөн) биригишинен 1918-ж. июнда негизделген. Советти алгач эзүүчү таптын өкүлдөрү башкарган. Алар Советке жетекчилик кылуу үчүн келген Жети-Суу обл. советинин өкүлү Н. С. Шокаревди камакка алып, Пржевальск у-нде Убактылуу өкмөттүн бийликке келгени ж-дө Керенскийге телеграмма жиберген. 1918-ж. майда Советти большевиктештирүү иши жүргүзүлүп, жетекчилик большевиктердин колуна өткөн. 1918-ж. 26-июнда Советтин 1-съезди болуп, Пржевальск у-нде Совет бийлигинин жеңишин жарыялаган. Съездде делегаттар Совет бийлигинин максаты, большевиктер партиясынын программасы м-н таанышкан. Анда уездик советтин аткому шайланып, уездик аскер комиссарлыгына большевик Н. С. Шокарев дайындалган ж-а ашыкча контрреволюционерлерди жазалоо б-ча атайын комиссия түзүлгөн. О. эле уездде Совет бийлигин чыңдоо үчүн Кызыл Аскерлер отрядын түзүү ж-дө чечим кабыл алган. Көп узабай 300 адамдан турган отряд түзүлгөн.

Ад.: Зима А. Г., Победа Октябрьской революции в Киргизии, Фр., 1966.

ПРЖЕВАЛЬСК ЧОПО КЕНИ—Ысык-Көл обл-ндагы чопо катмары жаткан жер. Пржевальск ш-нан 1,5 *км* түп. тарапта. Кенди 1966-ж. Кыргыз ССР геол. башкармасы ачып (Солдатов Н. И., Курамшин Э. У.), геол. чалгындоо жумуштарын жүргүзгөн. Кен антропоген мезгилинде пайда болгон саргыч боз түстөгү чопо катмарынан турат. Ал эрозиянын таасиринен бир нече тилкелерге бөлүнгөн. Пайдалуу кабаттын калыңд. 0,5—1 *м*ден 15—20 *м*ге чейин. Лабор-ялык изилдөөлөрдүн негизинде кен 3-класстагы чопонун начар түрүнө жатаары аныкталган. Бирок чопону 1000°Сге чейин ысытып, «100», «125» маркасындагы кирүлүш кирпичин даярдоого болот. Жалпы запасы 6 млн $м^3$. 1968-жылдан бери Пржевальск кирпич заводу пайдаланат.

ПРИБОР — 1) өлчөгүч, өндүрүш процесстерин текшергич, жабдууларды сактагыч, машина м-н установканы башкаргыч, технол. процесстерди жөнгө түзүлүштөрдүн кеңири класстагы жалпы аты. 2) Станокко, машинага, транспорт түзүлүшүнө бекитилип, жумуштун бир бөлүгүн өз алдынча аткаруучу атайы жасалгалардын аты (мис., кыралдын мээлегич П-у). 3) Кандайдыр бир персеге тиешелүүлүк жыйнагы (мис., мем П-у, эшик П-у ж. б.). 4) Кандайдыр бир закон ченемди демонстрациялоочу керсотмө окуу куралы (физ. П., хим. П.).

ПРИБОР КУРУУ — машина курууунун информация талдоо, иштеп чыгуу, өлчөө каражаттарын, жөнгөгүч аспаптарды, автомат ж-а автоматташтырылган башкаруу системасын чагаруучу бир тармагы, к. *Өндүрүштү автоматташтыруу.*

Рев-ярга чейин Россияда термометр, манометр, суу өлчөгүч, тараза ж. б. чыгаруучу аз гана майда ишкана болгон. СССРде П. к. 1929—32-ж. оңуго баштаган. Бүткүл союздук электротех. бирикме үюштурулуп, электр өлчөгүч прибор, автоматташтыруу системалары кеңири таралып. 1965-ж. Бүткүл союздук П. к. мин-восу түзүлгөн. Анын карамагында көптөгөн ишкана, ил. из. ин-ту, конструкторлук бюро, долбоорлоо ж-а монтаждоо үюмдары ж. б. кирет. Алар автоматташтыруу каражаттарын ж-а системаларын иштеп чыгып, курап, өндүрүшкө киргизет. Эл чарбасында ил.-тех. прогрессти өсүрүп аныктоочу тармак катары СССРде П. к. ылдам темп м-н өнүгүүдө. П. к. продукциясын өндүрүү жакыртылууда. 1970—75-ж. 3500дөн ашык жаңы прибор ж-а автомат куралдар өздөштүрүлгөн. Башкаруунун автомат системасын түзүү ж-а таратуу — СССРдеги П. к-нун негизги милдети. Азыркы П. к. илимдин жетишкендиктерин пайдаланып, эл чарбасын ж-а башкаруунун автомат системасын патыйжалуу каражаттар м-н камсыздоого жетишти. Кыргызда Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы ати. Фрунзе прибор куруу заводунда түрдүү текшерүү-өлчөө приборлору, ЭЭМ ө-дүндө эсептегич машиналар чыгарылат. Өнүккөн капит. өлкөлөрдүн б. ж-нда да П. к. көрүнүктүү орунду ээлейт.

Ад.: Государственная система промышленных приборов и средств автоматизации. Каталог, М., 1974.

ПРИБОР КУРУУ ЗАВОДУ Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы ати,— респ-кадагы ири о. ж. ишканасы. Фрунзе ш-нда. 1958-ж. пайдаланууга киргизилген. Завод саламаттык сактоо үчүн түрдүү прибор ж-а аппарат чыгарууга адистештирилген. Лабор-ялык центрифуга, электрофорез ж-а хроматография приборлорун, о. эле резервуардагы деңгээлди контролдоочу, технол. процесстерди тескө салуучу ж-а аралыктан көзөмөлдөөчү сигнализатор м-н индикатор, химия о. ж-на автомат м-н башкарылуучу баллон, кино о. ж-на прибор ж-а элге керектүү товар чыгарат. Заводдо Фрунзе машина куруу техникумунун филиалы бар. Продукциясы бардык союздат респ-каларга ж-а 46 чет өлкөгө жиберилет. Беш түрдүү продукциясына мамл. Сапат белгиси ыйгарылган; 15ти 1-категория м-н чыгарылат.


ПРИБОРЛОРДУН СЕЗГИЧТИГИ — корсоткучтун (жебенин) кандайдыр бурчка $\Delta\alpha$ бурулуу же сызыктуу которулушунун (Δl) өлчөл бурулууга же которулууга дуушар кылган чондукка болгон катышы: $s=\frac{\Delta l}{\Delta x}$ же $\frac{dl}{dx}$. Айрым өтө сезгич гальванометрлер 10^9—10^{11} *мм/А* чондуктагы токту өлчөй алат. Белгилүү масштаб б-ча бирдей болүккө бөлүнгөн шкалалуу П. с. бардык чекиттер үчүн бирдей, ал эми шкалалары бирдей эмес П. с. корсоткучтун (жебенин) шкаладагы ордуна жараша өзгөрөт. П. с-нин чеги деп ушул прибор аркылуу өлчөөгө боло турган эң кичине чондук айтылат.

ПРИГОРОДНЫЙ — Аламүдүн р-нундагы Пригородный айыл советине карактуу кыштак. «Пригородный» с-зунун аймагында. Райондун борбору Лебединовкадан 14 *км* түп.-батыш, Фрунзе ш-нан 7 *км* түн. тарапта. Калкы 4610 (1976). Китепкана, фельдшер-акушердик пункт бар.

ПРИГОРОДНЫЙ — Ош обл-ның Сузак р-нундагы Барпы айыл советине карактуу кыштак. Октябрдын 40 жылдыгы атп. к-здун аймагында. Райондун борбору Сузактан 12 *км* чыгыш тарапта. Жалал-Абад т. ж. станциясынан 5 *км*. Калкы 965 (1976). Сегиз жылдык мектеп, клуб, медпункт бар.

ПРИДОН ЭЧКИСИ — тыбыт багытында өстүрүлүүчү порода. Жүнүнүн 65—70% уз. 9—11 *см*, ичкелиги 19—23 *мкм* болгон тыбыт. Кылдын уз. 5—6 *см*, ичкелиги 60—80 *мкм*. Ал — боз тыбыттуу, чымыр денелүү, субагай. Текесинин салм. 65—70, эчкиси 40—43 *кг*. Ар жүз тубар эчкиден 130—140 улак алынат. Негизинен Волгоград, Воронеж ж-а Ростов обл-нда өстүрүлөт. П. э. Кыргызга да алынып келинип, жерг. эчкинин тыбытын жакшыртуу максатында асыл тукум иши жүргүзүлүүдө.

ПРИЗМА — эки граны (П-нын негиздери) барабар көп бурчтуктар, ал эми калган грандары (капталдары) параллелограммдар болгон көп грандык. П-нын негиздери конгруэнттүү болуп, параллель тегиздиктерде жайгашат. Эгер капталдын грандарын тегиздиктери негизинин тегиздигине перпендикуляр болсо, анда ал тик П. деп аталат. Негизи туура көп бурчтук болгон тик П. туура П. деп аталат. Негизи үч бурчтук, төрт бурчтук ж. б. болушуна карата П. үч бурчтуу, төрт бурчтуу ж. б. болот.



Суротто алты бурчтуу П. корсотулгон (сол жагында тик П.). П-нын көлөмү негизинин аянтын анын бийиктигине көбөйткөн көбөйтүндүсүнө барабар.

ПРИКАЗ, буйрук — СССРде мин-волордун, ведомстволордун, жерг. советтердин аткомдорунун, о. эле мекеме, уюм, ишканалардын жетекчилери чыгаруучу башкаруу актылары. Бул жетекчилердин П. чыгаруу укугу СССР, союздат ж-а автономиялуу респ-калардын конституциялары, мин-во, башкы башкарма ж. б. ж-дөгү жобо б-ча аныкталган. Мекеме жетекчилери бир топ маселелер б-ча П-ды профкомдор м-н макулдашып чыгарат. Эгер П-дын өзүндө атайын башка бир нерсе көрсөтүлбөсө, ал чыгарылган мезгилден баштап күчүнө кирет, к. *Мамлекеттик бийлик органдарынын актылары.*


ПРИКЛЮЧЕНЧЕЛҮҮ АДАБИЯТ — турмушта чын эле болгон же ойдон чыгарылган окуяларды аткаре экилеттин, кызыктуу кылып баяндаган көркөм проза. П. а-тын чыг-ларында анализдик, дидактикалык ж-а жай суроттоочулук элементтер кээде жок болот, кээде экинчи орунда турат. Мындай чыг-лардын үлгүлөрү катары эллинизм доорундагы грек романдарын, рыцардык эпосту (12—16-к.), 17—18-к-дагы саякат ад-тын көрсөтүүгө болот. П. а-тын өнүгүшүнө документ проза, журналистика да кыйла салым кошкон. 19-к-дагы *романтизм, неоромантизм* багытында жаралган чыг-ларда П. а-тын башкы каасиеттери басымдуу болгон. Мындай чыг-лардын түзүлүш үлгүлөрү «деңиз романдарын» жаазган Ф. Купер м-н Ф. Марриеттин, тарыхый-приключениелүү романдар жаратkан А. Дюманын (атасы) калемдерине таандык.

П. а-та сюжет адатта тыкан курулуп, күтүүсүз окуялар, кагылыш, ажырашуу, изине түшүү, кыйроо, жеңилүү, жеңүү өңдүү табышмактуу суроолор биринин артынан бири кууулушуп келет. Азыркы П. а. дээрлик *илимий фантастика* м-н эриш-аркак жазылып жатат. Сов. П. а-тын темасы м-н гражд. мазмуну көбүнчө Улуу Ата Мек. согуштун кызыктуу окуялары, сов. чалгынчылардын Мекен үчүн күрөшүн камтып, башкы идеясын рев-ячыл баатырдык пафос түзөт. Таланттуу окуучулар (советтик): Л. Никулин, А. Грин, В. Каверин, Ю. Семёнов, Л. Шейнин, Б. Полевой, И. Ликстанов, А. Рыбаков, Л. Платов, Л. Успенский, В. Катаев, А. Беляев ж. б.

Кыргыз совет ад-тында П. а-тын үлгүлөрүн К. Эсенкожоев ж-а К. Жантөшев жазган.

ПРИЛЕЖАЕВ РЕАКЦИЯСЫ — олефиндерге орг. перкислоталарды таасир этүү м-н алардын α-кычкылдарын

алуу методу:



синтезде, аналит. химияда маанисин чоң. Реакцияны орус химиги Н. А. Прилежаев 1909-ж. ачкан.

ПРИМАТТАР (Primates) — сүт эмүүчүлөрдүн түркүмү. Көпчүлүк өкүлдөрү аларды 2 түркүмчөгө (чала маймылдар ж-а маймылдарга) болот. Денеси жүн м-н капталган, уз. 13—175 *см*, салм. 60дан 180 *кг*га жетет. Бетинде, алаканында ж-а таманында жүнү болбойт. П-дын куйругу түрдүү узундукта, кээ биринде жок. Буту беш манжалуу, баш бармагы калган манжаларына карама-каршы жайгашып, даракты ж. б. перселерди кармоого ылайыкталган. П-дын көрүү, угуу ж. б. органдары жакшы өөрчүгөн, жыт сезүүсү редукцияланган, көзөнүн мээси бырыштуу, таттаал түзүлүштө. Баш соогунун бет бөлүгү сүйрү, 32—36 тиши бар. Азыркы П-дын 200дөй түрү негизинен Азия м-н Африканын тропик, субтропик токойлорунда. Малайя архипелагынын аралдарында. Борб. ж-а Түш. Америкада таралган. Даректарда, жерде топтошуп, кээде экиден же бирден жашап, осумдук (бутак, сабак, жалбырак, момо ж. б.), чанда курт-кумурска м-н азыктанат. Ургаачысы 1—2, кээде 3 бала туубит. П. азыркы тупайга окшош эң жөнөкөй курт-кумурска жечү сүт эмүүчүлөрдөн келип чыккан. П-ды жерг. эл этин, терисин керектеп, о. эле зоопарк ж-а ил. мекемелер. үчүн кармашат. Саны азайгандыктан алар коргоого алынган.


Ад.: Жизнь животных, т. 6, М., 1971.

ПРИМИТИВ (лат. primitivus — адепки, эң оболку) — баштапкы маанини — байыркы уруучулук иск-вонун эң алгачкы чыг-ларын. 18—19-к-да «П.» термини — иск-вонун калыптанууусундагы «мажүрөө» ж-а «жетилген» стадияларын өз-өзүнчө айырмалоо. Ал эми азыр чет элдик иск-во таануунда *примитивизмдин* өкүлдөрүнүн чыг-лыгы, алгачкы уруучулук каспеттерин сактап калган айрым элдердин иск-восун мүнөздөөдө колдонулат.

ПРИМИТИВИЗМ (*примитив* дегенден) — азыркы бурж. иск-водогу (негизинен живопистеги, скульптурадагы) формалисттик агымдардын бири. Эң байыркы иск-вонун жөнөкөйлөтүлгөн (примитивдүү) формаларын атайылап түүроо аркылуу андан кийинки иск-вонун ыкмаларын жетишкендиктерине биротоло баш тартканды-гы, таңгандыгы м-н мүнөздөлөт. Иск-вого байыркы чеберлердин көз караштарын зордон таңуулоо жолу м-н П. прогресстен баш тартып, көп учурда ачыктан ачык реакциячыл, формалисттик максатка кызмат кылат. Бирок образды жеткиликтүү, жөнөкөйлөштүрүлгөн эстетикалык белгилер м-н бере билүү 20-к-дын башында кеңири таралып, постимпрессионизм, *авангардизм* сыяктуу өз алдынча агымдарды пайда кылды. «П.» термини атайын профессионал даярдыгы жок суротчу, скульпторлордун чыг-лыгын мүнөздөөдө да колдонулат (мис., Францияда А. Руссонун, Грузияда Н. *Пиросманашвилинин* чыг-лыгы).

ПРИМОРЬЕ КРАЙЫ РСФСРде, 1938-ж. 20-октябрда түзүлгөн. Батышынан ж-а түш.-батышынан Кытай, КЭДР м-н чектешет. Аянты 165,9 миң $км^2$. Калкы 1978 жыл (1979). Крайда 24 район, 9 шаар, 47 ш. т. посёлка бар. Борбору — Владивосток ш. Край Ленин ордени м-н сыйланган (1965).

Табияты. Край Ы. Чыгыштын түштүгүндө жайгашкан. Чыгышынан ж-а түш.-чыгышынан Япон деңизи чулгап жатат. Жериниң көбүн Сихотэ-Алинь тоо системасындагы тоолор эээлейт. Уссури ж-а Ханкай бою ойдуңдары бар. Климаты муссондук. Январдын орт. темп-расы —12... —14°С, жээктерде —20... —27°С (ички райондордо —40... —45°С), июндуку 14—21°С. Жылдык жаан-чачыны 600—900 *мм*. Негизги дарыясы — *Уссури*. Тоолуу райондорунда күрөң токой ж-а күрөң-тайга, кул топуraктары, тоодуктордо күрөң-кулдуу ж-а шалбаалуу-күрөң, дарыя өрөөндөрүндө аллювий топуraктары таралган. Аймагынын 74% токой (негизинен ийне ж-а жаазы жалбыraктуу). Жалпы жыгачтын запасы 1,8 млрд $м^3$ (анын 73% ийне жалбыraктуу). Айбанаттарды: горал, чаар бугу, кермарал, кабарга, доңуз, аюу, карышкыр, түлкү, тыйын чычкан, бугу, кундуз, булгун



Н. Я. Приставкин.



М. Ф. Приходько.

ж. б. Сууларында балыктын жүздөн ашык түрү кездешет.

Калкы. Крайда орус (85,5%), о. эле украин, белорус, татар, молдаван, чуваш, корей, нанай, удэгей ж. б. улуттар жашайт. Орт. жышт. 1 км² жерге 11,9 киши. Шаар калкы 76%. Маанилүү шаарлары: Владивосток, Находка, Уссурийск, Артём, Арсеньев.

Экономикасы. П. к.— индустр. район. Балык, токой, түстүү металлургия, жылгач ж-а баалуу тери даярдоо, соя өстүрүү м-н айырмаланат. Энергияны жерг. көмүрдөн, 2 ГРЭСтен ж-а ТЭСтен алат. Кубаттуулугу 1,28 млн *Квт* болгон Приморье ГРЭСи (1-агрегаты иштеп жатат, 1974-ж.) курулуп жатат. Балык уулоо ж-а деңиз жаныбарларын кармоо — чарбанын башкы тармагы. Балык о. ж. П. к-ның жалпы о. ж. дүң продукциясынын 1/3ин берет. Түстүү металлургия (Хрустальненский кен байытуу ж-а Ы. Чыгыш тоо-кен металлургия комбинаттары ж. б.), жылгач (Лесозаводск, Иман, Артём, Уссурийск, Владивосток), машина куруу ж-а металл иштетүү (балык ж-а тоо-кен о. ж. үчүн жабдуу, жылгач иштетүүчү станок, кир жуучу машина, муздаткыч ж. б.), химия, деңиз ж. б. о. ж. ишканалары иштейт. Негизги машина куруучу борбордор — Владивосток, Уссурийск, Находка. Ө. ж-дагы дүң продукциянын 15%тен ашыгы тамак-аш о. ж. берет. А. ч-га жарактуу 1400 миң *га* жердин 759 миңи айдоо, 253 миңи чабынды, 359 миңи жайыт. Негизги дан өсүмдүктөрү: буудай, күрүч, сулу ж. б. Соя өстүрүү союздук маанинге ээ. 1977-ж. 378 миң уй (сааны 146 миң), 377 миң чочко, 88 миң кой, эчки болгон. Айбанат (суу күсөн, калтар, түлкү, бугу) өстүрүү чарбасы онүккон. Крайдын аймагынан транссибирь т. ж-у өтөт. Деңиз жолу маанилүү. Ири порттору — Владивосток, Находка. 1976—77-окуу жылында 714 мектеп, 34 атайын орто, 10 жог. окуу жайы (Ы. Чыгыш ун-ти, политех., соода, балык о. ж. м-н чарба, технол., пед., а. ч., мед. ж. б. ин-ттар) болгон. П. к-нда СССР ИАның Ы. Чыгыш бл. борбору, Тынч океан балык чарба ж-а океанография ж. б. бл. из. ин-ттары, 770 китепкана, 4 музей, 4 театр. 777 клуб, сүрөт галереясы бар. 1977-ж. 23,5 миң орундуу 223 ооруканада 6,8 миң врач иштеген. «Красное знамя» (1917-жылдан), «Тихоокеанский комсомолец» (1940) газеталары чыгат.

Ад.: Гладышев А. Н., Куликов А. В., Шапалин В. Ф., Проблемы развития и размещения производительных сил Дальнего Востока. М., 1974; По родному краю, Владивосток, 1973; Российская Федерация. Дальний Восток, М., 1971 (серия «Советский Союз»).

ПРИМУЛА (Primula) — өсүмдүктөрдүн примулалар тукумундагы уруусу. Көп жылдык чөп. Сабагы жалбырақсыз, жалбырагы гүл сабагынын негизинде, розеткага топтолгон. Гүлү туурa түзүлүштүү, 5 мүчөлүү, көбүнчө сары, кызгылт же кызыл. Чатырча топ гүлдүү, кээде жалгыздан. Мөмөсү — кутуча. Жер шарынын бардык бөлүгүндө, айрыкча мелүүн алканта, о. эле тоонун альп алкагында 500дөй түрү таралган. СССРде 70тей (Кырг-ында 11) түрү өсөт. П-ның тамыры сапонин, эфир майы ж-а гликозиддерге бай келип, медицинада пайдаланылат. Жалбырагында витаминдер көп. Гүлү ж-а жалбырагы ликёр-арак о.



Примула: а — гүлүнүн жара кесилиши; б — мөмөсү (кутуча).

ж-нда керектелет. П.— балдуу өсүмдүк. Кээ бири кооздук үчүн өстүрүлөт.

ПРИНЦИП (лат. principium — башы, негиз) — 1) кайсы бир теориянын, окуунун, илимдин, көз караштын, саясий уюмдун түпкү жобосу; 2) адамдын турмушка карата мамилесин аныктоочу ички ишеним, жүрүм-турумдун ж-а иш-аракеттин нормасы; 3) кайсы бир прибордун же механизмдин негизги жасалыш өзгочөлүгү.

ПРИНЦИПАТ (лат. princeps — биринчи, башчы) — Байыркы Римде алгачкы империянын түшүндагы (б. з. ч. 27 — б. з. 193) монархиянын өзгөчө формасы. Анда айрым респ-калык мекемелер өзүнчөлүгүн формалдуу сактап, ал эми император принцепс деп аталган. П. системасы Августун тушунда калыптанып, ал ж-а анын мураскерлери жог. граждж-а аскердик бийликти өз колуна алышкан. Ал эми чыныгы бийлик императордук бюрократтык аппаратын колунда болуп, алардын штаты ж-а иштөө сферасы улам кеңип отурган.

Ад.: Машкин Н. А., Принципат Августа, М.—Л., 1949.

ПРИОЗЕРНЫЙ — Ысык-Көл обл-ның Түп р-нундагы Ысык-Көл айыл советине караштуу кыштак. Пржевальск атн. мамл.-колхоздук «Живпром» биримкесинин аймагында. Райондун борбору Түптөн 27 км түш.-батыш тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 214 км. Калкы 403 (1976). Орто мектеп, китепкана, клуб бар.

ПРИПЯТЬ, Припеть, Принец, Струмень — БССР м-н УССРдеги дарыя, Днепрдин оң куймасы (Киев суу сактагычына кулат). Уз. 775 км, алабынын аянты 114,3 миң км². Көвөл ш-ның түн.-батыш бөлүгүнөн башталып, Полесье ойдуңу м-н агат. Декабрда тоңуп, мартта ачылат. Негизги куймалары: Стоход, Стырь, Горынь, Уборть, Уж (оң), Ясельда, Лань, Случь, Птичь (сол). Март — апрелде ташкындайт. Жылдык орт. чыгымы чатында 460 м³/сек. Днепр-Буг каналы аркылуу Буг д., Днепр-Неман каналы ж-а Шара д. аркылуу Неман д. м-н туташат. Сал агызылат. Чоң Диковичтен баштап (чатынан 500 км аралыкта) кеме жүрөт. Балык кармалат. Жээгинен Пинск, Петриков, Мозырь ж. б. шаарлар орун алган.

«ПРИРОДА» — айына чыгуучу илпопулярдык журнал. Табият илимдеринин жетишкендиктерин, табият таануунун философиясы м-н тарыхынын проблемаларын, илимдин уюштуруу маселелерин кабарлайт. Сүрөттөр м-н иллюстрацияланат. «Адам жана Аалам» уюму тарабынан 1912-ж. Москвада негизделген. Тиражы 80 миң (1977).

ПРИСТАВКИН Николай Яковлевич (3. 3. 1922-ж. т., Смоленский обл., Глинков р-ну, Секерино кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1966), 1950-жылдан КПСС мүчөсү. 1942-жылдан Кыргыз ССРинин мурдагы Ново-Вознесеновка р-нундагы «1-Май» к-зунун, 1945—53-ж. Жети-Өгүз ж-а Түп райондук а. ч. болүмдөрүнүн зоотехниги. 1953-жылдан Түп р-нундагы СССРдин 50 жылдыгы атн. к-здун башкармасынын пред-ли. Ал башкарган чарба Безостая-1 күздүк буудайдан, Казакстан-126 жаздык буудайдан мол түшүм алган, мал чарбасын өнүктүрүүдө ийгиликтерге жетишкен. Кыргыз ССР Жог. Советинин (5—9-шайл.) депутаты. Кырг-н КП БКга мүчө (1976). Эки Ленин ордени, Октябрь Революциясы, 2 Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ПРИХОДЬКО Мария Фёдоровна (27. 2. 1909-ж. т., азыркы УССР, Харьков обл., Сахновский р-ну, Александровка кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1950). 1934-жылдан Ленинград ш-ндагы Охно хим. комбинатында жумушчу. 1943-жылдан Кыргыз ССРинин «Төмөнкү Чүй» с-зунда жумушчу, 1946-жылдан звено башчысы. 1949-ж. анын звеносу 20 *га* жердин гектарынан 113,7 *ц* кенеп алган. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ПРИЧАРД Катарина Сусанна (4. 12. 1884, Фижи а., Левука — 2. 10. 1969, Батыш Австралия, Перт ш-на жакын, Гринмаунт) — австралиялык жазуучу. 1920-жылдан Австралия компартиясынын мүчөсү. Журналисттик

үй-бүлөсүнөн. Түш. Мельбури аялдар коллежин бүткөн. Чыг-ларын 1915-жылдан жарыялана баштаган. П.— Австралиядагы түңүгүн реалист романчылардан. «Пионерлер» (1915), «Кара опал» (1921), «Өгүз айдоочу» (1926), «Кунарду» (1929), «Хэксби цирки» (1930) деген романдарында жөнөкөй адамдар да бактылуу болууга укугу бар деген гуманисттик ой айткан. 1933-ж. СССРге келип көкөп. Ал ж-до «Россиянын чын турмушу» (1935) деген очерк китеп жазган. «Токсонучу жылдары» (1946) ж-а «Алтын аралыктар» (1948), «Канаттуу үрөн» (1950) үчилтиги бар. Үчилтик империализмге каршы иңет м-н жазылып, Батыш Австралиядагы жумушчу кыймылын, австралиялыктардын улуттук аң-сезимдүүлүгүн осуштун көрсөтөт. П-дын калеминен о. эле повелла, ыр, пьеса, адабий сын, мемуарлар да жаралган.

Чыг.: в рус. пер.—Кунарду, или Колодец в тени. М., 1959; Рождество в Кенпе, М., 1960; Погонщик волов, М., 1965; Негасимое пламя, М., 1972.

ПРИШВИН Михаил Михайлович [23. 1(4. 2). 1873, Орёл губ., Елец у., Хрущёв чарбагы — 16. 1. 1954, Москва] — орус совет жазуучусу. Соодагер үйбүлөсүнөн. Елец гимназиясында, Рига политехникумунда окуган. 1902-ж. Лейпциг ун-тинин агрономия бөлүмүн бүткөн. Алгачкы ачкемеси («Сашок») 1906-ж. басылган. П. фольклорго ж-а этнографияга кызыккан, Россиянын түндүгүн кыдырып, жол очерктеринен түзүлгөн «Үйүр чымчыктар» (1907), «Сыйкырдуу көмөч соңунда» (1908), «Адам жана Ева» (1909), «Кара араб» (1910) аттуу китептерин чыгарган. 1920-ж. «Кащей тору» деген автобиогр. роман баштап, аны 1954-ж. аяктаган. Улуу Ата Мек. согуш кезинде «Ленинград балдары тууралуу ачкемелерин» (1943), «Владин мезгил баяны» (1945) деген повесть жаратат. Өмүрүнүн акыркы жылдары «Күн кампасы», «Кеме чойчогу» (1954), «Жер козу» (1957) ж. б. чыг-ларын жазган. Бул чыг-ларына табиятты жан дил м-н сүйүү, дайыма филос. акыйкат издөө, тилдин тазалыгы ж-а байлыгы, реализм м-н романтиканын, чындык м-н жомоктун эриш-аркак айкалышы мүнөздүү. П-дин көнчүлүк чыг-лары сов. балдар ад-тынын алтын казынасына кирген, чет тилдерге которулган. Эки орден м-н сыйланган.

Чыг.: Собр. соч., т. 1—6, М., 1956—57; Советские писатели. Автобиографии, т. 2, М., 1959; Вася Васелкин, Фр., 1955.

Ад.: Горький М., Собр. соч., т. 24, с. 29—30, М., 1953—56; Ершов Г., Михаил Пришвин. Жизнь и творчество, М., 1973.

ПРОБЛЕМА (гр. próblema — милдет) — кең мааниде — изилдөөнү ж-а чечүүнү талап кылуучу татаал теориялык же практикалык маселе; илимде — кубулуштарды, объектилерди, процесстерди чечмелөөдө позициялар кайчылаш келип калган ж-а ал кайчылаштыктан чыгаруунун талап кылган татаал кырдаал (ситуация). П-ны туура чечүүнүн жалгыз оболгосу — аны туура коюлушу.

«ПРОБЛЕМЫ МИРА И СОЦИАЛИЗМА» — коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын теориялык ж-а информ. журналы. 1958-жылдан айына бир жолу 34 тилде Прагада чыгат. Журналдын редакциялык коллегиясы м-н редакциялык советине 57 өлкөнүн (1978) коммунисттик ж-а жумушчу партияларынын өкүлдөрү кирет. Журнал маркстик-лениндик теория, дүйн. коммунисттик кыймылдын стратегия м-н тактикасы, жумушчу табынын абалы, өнүгүп жаткан өлкөлөр м-н өнүккөн капит. мамлекеттердеги демократия ж-а социализм үчүн күрөш, соц. система өлкөлөрүндөгү социализмди ж-а коммунизмди куруу, улуттук-бошт. кыймылдын проблемасы сыяктуу маселелерди баяндап турат. Ал 145 өлкөгө таркатылат. жалпы тиражы 500 миң (1975).

ПРОВИНЦИЯ (лат. provincia — провинция, область) — 1) Байыркы Римде ага көз каранды (Италиядан башка) аймак (к. *Рим провинциялары*). 2) Россияда 18-к-дагы админ.-аймактык бирдик. Ар бир губерния бир канча П-га (башында воевода турган), уезддерге бөлүнгөн. 1775-ж. П. жоюлган. 3) Чет өлдүк бир катар мамлекеттердеги (Италия, Испания ж. б.) ири админ.-аймактык бирдиктин аталышы.

ПРОГНОЗ (гр. prógnosis — алдын ала көрө билүү, алдын ала айтуу) — оорунун кандай даражада (жеңил, оор) болорун алдын ала айтуу; ар кандай кубулуштун келечектеги жалпы абалы ж-дө ачык-айкын талкуулоо, алдын ала айтуу (мис., аба ырайынын П-у, шайлоонун жыйынтыктары ж. б.); атайын ил. изилдөөлөрдүн негизинде келечек ж-дө ыктымалдуу ой жүгүртүү мааниисинде, к. *Прогностика*.

«ПРОГНОЗ» — Жердин сов. жасалма спутниктеринин Күн активдүүлүгүнүн процесстерин, алардын планета аралык чөйрөгө ж-а Жердин магнит сферасына тийгизген таасирин изилдөөчү күн обсерваторияларынын аты. Биринчи «П.» 1972-ж. 14-апрелде, «П.-2» 1972-ж. 29-июнда, «П.-3» 1973-ж. 15-февралда учурулган. Бардык «П.» максималдуу аралыгы (апоген) 200 миң км ж-а минималдуу аралыгы (периген) 550 км келген жог. эллипстик орбитага чыгарылган. «П-дун» массасы 845 кг. «П.-2ге» космос мейкиндигин изилдөөнүн сов.-франц. кызматташтык программасына ылайык келген франц. ил. аппаратура орнотулган. «П-дун» космосто иштешинин максимум узактыгы 1 жылдан ашык.

ПРОГНОЗДОО — прогнозду иштеп чыгуу; тар мааниде — кандайдыр бир кубулуштун конкреттүү келечегин ил. жактан атайын изилдөө. П. социалдык чөйрөдөгү ил. алдын ала көрүүнүн конкреттештирилген бир формасы болуп, пландоо, программалоо, долбоорлоо, башкаруу маселелерин м-н байланыштуу.

П. издөөчү (генетикалык, изилдөөчү) ж-а нормативдик деп бөлүнөт. Биринчиси объектинин келечектеги абалын күн мурунтан көрө билүү максатын көздөйт; экинчиси объектинин мурда белгиленген нормага, максатка келтирүү жолун изилдейт. Табигый илимдерди П. метеорологияда (атм-ралык кубулуштарды П., аба ырайын алдын ала билүү), гидрологияда (суу ташкынын, мүздун тоңушун, ачылышын, бороондун болушун П.), геологияда (пайдалуу кен дерди, жер титирөөнү П.) колдонулат. Коомдук илимдерде П. илимдин ж-а ил.-тех. прогресстин социалдык аспектисинин өнүгүшүн, ил. изилдөөлөрдүн айрым багыттарынын келечегин, илимдин ж-а ил. кадрлар м-н мекемелердин структурасын ж. б-ды П-до пайдаланылат. 20-к-дын 70-жылдары П. табият таануу, техника, илим таануу, демография, экономика сыяктуу илимдерде гана аздыр-көптүр өнүгө баштаган. П-нун тармактык классификациясы анча так тала элек. Мис., «ил.-тех. П.» терминин кээде бардык табият таануу илимдериндеги П-ну камтыйт. П-нун методдору экстраполяция, моделдөө, эксперттерге суроо болуп үч топко бөлүнөт. СССРде П-нун комплекстүү системасы б-ча ил.-тех. прогресстин П. жүргүзүлөт. Бирок П-нун теориясы жеткиликтүү өнүгө элек, П. практикасында көп кыйынчылыктар кездешет. «П.» терминин башкарыла турган кубулуштарды П-нун атайын теориясын иштеп чыгуу башталганда тараган (1960). Ошондой болсо да П-нун узак тарыхы бар. Ал көптөгөн кылымдар бою социалдык чөйрөдө колдонулган эмес, анткени келечекти аңдап-билүүгө диний-утопиялык ж-а идеалисттик-филос. мамиле үстөмдүк кылып келген. Марксизм-ленинизм гана келечекти ил. алдын ала билүүнүн тарыхый башталышына жол ачты. 20—30-жылдардагы СССР эл чарб. планын П. бир кылка тажрыйба топтоду. Бирок 2-дүйн. согуш бул ишке бир топ тоскоол болду. 1950-жылдары гана П. иши кайра жанданды. 1960-жылдан ил.-тех. революциянын убагындагы прогноздордун дүйн. «бумуң» башталды. П-нун методикасы м-н техникасы социализм ж-а капитализм шартында кээ бир жалпы белгилерге ээ болгону м-н олуттуу айырмачылыктары бар.

Соц. өлкөлөрдө П. эл чарбасын планлаштыруу м-н тыгыз байланышкан, СССРде П. м-н жалпы союздук ИА ж-а көптөгөн ил. мекемелер иштешет, бир нече ил. журналдар чыгат.

Ад.: Добров Г. М., Прогнозирование науки и техники, М., 1969; Бестужев-Лада И. В., Окно в будущее. Современные проблемы социального прогнозирования, М., 1970.

ПРОГНОСТИКА (гр. prógnosis — алдын ала көрө билүү, алдын ала ай-

туу) — кеңири мааниде — прогноздоонун теориясы ж-а практикасы; тар мааниде — прогнозду иштеп чыгуудагы закондор ж-а ыкмалар ж-дегү илим. «П.» термини 1960-ж. пайда болгон. П-ның жалпы методол. негизи К. Маркстын, Ф. Энгельстин, В. И. Ленindин эмгектеринде көрсөтүлгөн. П-лык изилдөөлөрдүн өнүгүшүнүн башталышы табият илимдерине таандык. П-ның негизги маселеси — прогнозду иштеп чыгуу методун ж-а техникасын натыйжалуу жогорулатуу максатында прогноздоонун атайы методологиясын өнүктүрүү. П. жалпы (же теориялык) ж-а жеке тармактык (же колдонмо) болуп бөлүнөт. П. улам өнүгүү процессинде. Анын өнүгүшү прогноздоо методун жакшыртууда негизги ролду ойнойт. Бирок П-ның көп маселеси азырынча начар иштелип чыккан.

Ад.: Гвишиани Д. М., Лисичкин В. А., Прогностика, М., 1968; Лисичкин В. А., Теория и практика прогностики, М., 1972.

ПРОГРАММА (гр. prógramma — жарлык, буйрук, указ дегенден) — 1) иштин планы. 2) Саясий партиянын, үюмдун же жеке бир кишинин иш-аракеттеринин негизги жоболору м-н максаттарынын баяндалып жазылышы (мис., КПСС Программасы). 3) Окуу предметинин кыскача мазмунун туюнткан баян. 4) Кайсы бир маселени чечүүнүн алгоритмин ишке ашырчу ЭЭМге ылайыкталган кыймыл-аракет прети, к *Программалоо*.

ПРОГРАММАЛАНГАН ОКУТУУ — окуу процессин белгилүү бир үйрөткүч программа б-ча уюштуруу. Максаты — окуучулардын билимди өздөштүрүү процессин башкаруу ишин жакшыртуу. П. о. педагогикада кибернетиканын, матем. логиканын ж-а эсептөө техникасынын татаал системаларды башкаруу б-ча жемиштүү принциптерин ж-а каражаттарын колдонуудан пайда болгон. П. о. окуу материалын ж-а окуунун жүрүшүн майда бөлүктөргө ажыратууга, ар бир бөлүктүн кандай өздөштүрүлгөнүнөн кабар алып, ал аркылуу окуучунун билимди өздөштүрүшүнө, үйрөнүшүнө ылайык окутууну өзгөртүп туруугa, окуунун жүрүшү окуучунун башкарылышына негиздейт. П. о. атайын машина ж-а программаланган окуу китептери аркылуу ишке ашат.

Ад.: Талызина Н. Ф., Теоретические проблемы программированного обучения, М., 1969; Беспалько В. П., Программированное обучение. М., 1970.

ПРОГРАММАЛАНГАН ОКУУ КИТЕБИ — окулуучу материал (эмнени окуу керектиги) м-н катар кандайча окуу керектиги көрсөтүлгөн китеп. П. о. к. бир багыт, тармакталган ж-а аралаш (комбинацияланган) үйрөткүч программаны жүзөгө ашырат. П. о. к-нин материалдары түрлөргө (кадрларга) бөлүнүп, анын ар бири информ. туюнтмага ээ болот. П. о. к. окутуучунун бир катар милдетин аткарат: маалымат берет, окуу процессин уюштурат, материалды өздөштүрүү деңгээлин текшерет, сабак үйрөнүү темпин жөнгө салат, варыл түшүнүк берет ж. б. Үйрөнүүчүнүн иш-аракети оңол замат жооп алуу м-н текширилет. Иш-аракет туура аткарылса, үйрөнүүчүгө келерки бөлүмгө өтүү сунуш кылынат; иш-аракет туура аткарылбаса, П. о. к. үйрөнүүчү кетирген мүнөздүү каталарды түшүндүрөт. П. о. к-н тыңдырбай окуу мүмкүн эмес. Анткени өзүн өзү текшерүү үчүн суроо ж-а тапшырма өндүү тоскоолдук кездеше берет. Туура табылган жооптон кийин гана андан ары окууга болот.

ПРОГРАММАЛОО — ЭЭМдө ыраатуулук м-н аткарылуучу аракеттердин удаалаштыгын (программасын) түзүү процесси; ЭЭМге керектүү программаларды түзүүнүн, текшерүүнүн ж-а жакшыртуунун жолдорун үйрөтүүчү ил. тармак. Ар бир ЭЭМ эстегич (память) автомат болуп эсептелет. Ал сыртқы ж-а операциялык эске тутукч түзүлүштөрдөн түзүлгөн эстегичтен, башкаруу түзүлүшүнөн (БТ) ж-а амалдар м-н операциялар аткарылуучу арифм. түзүлүштөн (АТ) турат. ЭЭМдин эстегичи номерленген удаалаш чөнөк (ячейка) түрүндө болуп, ал чөнөктөрдүн ар бирине пол ж-а бир цифраларынын сериялары-нан түзүлгөн эсилик информациянын үлүшү сакталат. Программа м-н башкарылма ЭЭМдин автоматтык иштеши атайын баскычтардын (такт) удаалаштыгынан турат. Ар бир баскычта БТ ага тапшырылган эстегичтин чөнөгүнөн информациянын үлүшүн тандан алат. Бул үлүштү команда катары, б. а. кандайдыр бир операцияны аткаруу үчүн АТка берилe турган буйрук деп түшүнөбүз. ЭЭМдө операцияны аткаруунун мааниси, эстегичтин белгилүү чөнөгүндө сакталып турган информацияны алып, аны м-н керектүү амалды аткаруу максатында аны АТка берип, чыккан натыйжаны эстегичтин белгиленген чөнөгүнө жөнөтүп, андан кийинки команданын чөнөгүнүн номерин БТге билдирүүдөн турат. ЭЭМдө аткарылуучу айрым амалдар эң эле жөнөкөй: арифм. ж-а логикалык операциялар, салыштыруу операциялары, информациянын үлүштөрүн көчүрүп жазуу ж. у. с. амалдар. Өзөктүн ЭЭМ үчүн программа түзүү бул маселени чыгаруунун жолун, ал маселе эстегичте жайгаштырылгандан кийин прети м-н аткарылганда биринин артынан экинчисин эсептөө удаа келе бере тургандай машиналык командалардын чогуусу (программасы) катары түзүп чыгуу дегенди билдирет.

П-пун идеясы мектепте эле арифм. маселени чыгаруунун планын кандайдыр бир суроолордун сериясы түрүндө түзүүдөн келип чыккан. Бирок чыныгы П-пун мектептик тажрыйбадан негизги айырмачылыгы бар. Программа дайыма бир амалды эмес, амалдардын бир нече удаалаштыктарын өз ичине алат, алардын арасынан белгилүүсүн тандап алуу маселени чыгарууда келип чыгуучу ортоңку патыйжалардын маанилерине көз караңды болот; программада командалардын кээ бир группаларынын кайталануу керектиги автоматтык түрдө аныкталып, ага жараша бир нече жолу кайталанат. П-пун негизги бөтөнчөлүгү — анын татаалдыгында: программалардын көбү миңдеген команда, ал эми алар м-н аткарылуучу амалдардын саны ондогон млн м-н эсептелинет. Мындай коломдор машиналык командалардын элементардык мүнөзү м-н бирге П-пу бир эле убакта эң татаал процесске айландырат. Мындай карамакаршылыкты жоюу үчүн П. көп этаптуу процесс түрүнө келтирилген. Бул процесстин ар бир кийинки этабы маселени чыгаруунун улам мурдагы этапта алынган планын барабара айкалыштыруудан ж-а майдалап тармактатуудан турат. Мындан тышкары кээде маселени чыгаруунун планын баяндан жазуу эрежелери кандайдыр бир этапта так, формалдуу ж-а универсалдуу, б. а. ар кандай маселелерге колдонула турган болсо, анда программаны түзүүдө колдонула турган кандайдыр бир П. тилинин айкындалгандыгы байкалат.

Ад.: Лавров С. С., Введение в программирование. М., 1973; Универсальный язык программирования. (АЛГОЛ 60), 3 изд., М., 1972.

ПРОГРАММАЛОО ТИЛИ — ЭЭМ үчүн программа түзүүнүн негизги каражаты; маселени ЭЭМдө чыгарууга даярдоонун ар түрдүү этаптарында аны так формулировкалоонун ыкмасы. Бул ыкма программалоонун өнүгүшүндө зор роль ойноду. Мис., программа дегенди кандайдыр бир тилде ЭЭМ үчүн берилген тапшырманы башка тилге — «машина тилине» которуу процесси катары түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Эгерде мындай кормонун так эрежелери табылса ж-а баяндалса, анда ал эрежелердин өздөрүн да ЭЭМдө программалоого болот. Мындан программалоо процессин автоматташтыруучу программалар келип чыгат, алар **трансляторлор** деп аталат. Программалоо процесси төмөнкүдөй этаптардан турат: 1) маселени алгачкы формулировкалоо; 2) маселени алгоритмдик баяндоо; 3) жог. деңгээлде программалоо тилиндеги маселенин программасы; 4) машиналык багытталган тилдеги маселенин программасы; 5) маселенин машиналык тилдеги программасы. Программалоонун ар бир этаптагы мазмунун квадрат теңдемени чыгарууну мисалында түшүндүрүүгө болот. Маселени алгачкы формулировкалоо коэффициенттери A_i, B_i, C_i (i=1, ..., 50) болгон уч таблица түрүндө берилген $ax^2+bx+c=0$ түрүндөгү квадрат 50 теңдеменин тамырларын табуу керек. Маселени алгоритмдик баяндоо анын коюлушун матем. жактан толук изилдөөнүн, стандарттык эсептоолордү талдап алуунун же керектүү эсептөөлөрдүн бардыгын аткаруунун жаңы алгоритмдерин изилдөөдөн, о. эле ЭЭМге дагы кандай алгачкы маалыматтарды кошо киргизип, натыйжаларды алуу керек экендигин тактоодон келип чыгат. Бнадин мисалыбызда маселени алгоритмдик баяндоо төмөнкүдөй болот: ЭЭМге A_i, B_i, C_i коэффициенттердин таблицаларын киргизүү; ар бир теңдемени анын комплекстүү тамырларды болуучу учурларын кошо аныктоо үчүн b^2-4ac дискриминантын изилдөө м-н жалпы

$$x_{1,2}=\frac{-b\pm\sqrt{b^2-4ac}}{2a}$$

формуласы б-ча чыгаруу; бир өңчөйлөнтүү максатында теңдеменин ар бир тамырын комплекстүү сан деп карап, тамырлар чыныгы болгон учурда сандын минимый болугү нолго барабар деп эсептөө. Жог. деңгээлде программалоо тилдеринин жалпы бөтөнчөлүгү — алар конкреттүү ЭЭМдин командалар системасына көз караңды эмес, алардын фразалык структурасын жардамчы сөздөр м-н бирдикте пайдаланганда ал тилдерди табигый тилдерге жакындатат. Фразалар үтүрлүү чекит м-н ажыратылат; фразалардын бири бирине багыныштуулугу «операторлук кашаалар» м-н көрсөтүлөт; фразалар эки типке — операторлорго ж-а баяндамаларга бөлүнөт. Тилдеги аракеттин бирдиги оператор болуп эсептелет. Операторлор: таандык оператор, шарттуу оператор, цикл оператору деген типтерге бөлүнөт. Баяндамаларда өзгормолүү чоңдуктардын ж-а программада колдонулуучу башка белгилөөлөрдүн касиеттери көрсөтүлөт. 20-к-дын 70-жылдарында программалоонун мындай тилдеринин бүтүндөй катары түзүлдү: инженердик ж-а ил. маселелерди чыгарууда — алгол-60, фортран, экон. эсептөөлөрдө — кобол, матем. моделдерди программалоодо — симула, ЭЭМдө колдонулуштарынын бардык түрлөрүн өз ичине камтуучу жог. кубаттуулуктагы алгол-68 ж-а ПЛ/1 тилдери колдонулат. Булардын бардыгы үчүн ал тилдерде туюнтулган маселелердин машиналык программаларын автоматтык түрдө түзүүнү камсыз кылуучу трансляторлор бар.

Ад. к. Программалоо макаласынан.

ПРОГРАММАЛУУ БАШКАРУУ — түзүлгөн программа б-ча объектинин иштөө режимин башкаруу процесси. П. б-да түюк электр тизмектеринде тескери байланыш колдонулса, туюк эмес тизмектерде башкаруу процесстери тескери байланышсыз эле аткарылат (к. *Автоматтык башкаруу*). Жалпы алганда П. б. дегенибиз башкарыла турган объектинин чыныгы абалын талап кылынган абалга келтирүү дегенди билдирет. Мис., космосто учуучу аппараттарды П. б-да анын кыймылынын траекториясы алдын ала эсептелгендиктен, учуп жүргөн аппаратты каалаган мезгилде траекториянын каалаган чекитинде көрүүгө мүмкүн болот. Бул үчүн объектинин кыймылын билдирген $x=f(x, u, \xi)$ дифференциал теңдемени чыгарууга туура келет, мында x — фазалык вектор, ξ — кокус вектор-функция, $u(t)$ — башкаргыч вектор.

Технол. жабдуулар м-н процесстерди П. б. станоктордун, машиналардын, механизмдердин кыймылын башкарууну ж-а физика-хим. процесстердин (темп-ралык, басымдын, концентрациянын ж. б.) өзгөрүшүн башкарып жөнгө салууну өз ичине алат. Мында башкара турган программа магнит лентасына эсилик код түрүндө жазылып берилет да, ал интерполятор м-н башкаруу сигналына айландырылат. П. б-да ЭЭМ кеңири колдонулат.

Ад.: Моисеев Н. Н., Численные методы в теории оптимальных систем, М., 1971; Элементы теории оптимальных систем. М., 1975.

ПРОГРАММАЛУУ БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫ — объектинин иштөө режимин, тех. жабдуулар м-н процесстерин алдыртан түзүлгөн программа б-ча башкарууда колдонула турган каражаттар м-н ыкмалар комплекси. Башкаруу схемасы жарым өткөргүчтүү приборлордон түзүлөт. Башкаруу сигналы ээрчиме кыймылга келтиргичтер м-н берилет. Азыркы кездеги П. б. с-нда ээрчиме кыймылга келтиргичтин эки түрү — түюк тизмектүү (туруктуу токто) ж-а ажыратылма тизмектүү башкаруу түрлөрү колдонулат. П. б. с. эки негизги класска — координаталуу башкаруу ж-а контурдуу башкаруу системаларына бөлүнөт. **Координаталуу** П. б. с.-нда кыймылдын программаланбаган (алдын ала көрсөтүлбөгөн) траекториясы б-ча объект бир абалдан башка абалга которуп жылдырылат. **Контурдуу** башкаруу системасында объектинин бардык траекториясы алдын ала программаланат. Алгачкы цифралуу П. б. с. жекече ж-а аз сериялуу өндүрүштө колдонулган. Азыр П. б. с. сериялуу ж-а массалык өндүрүштө да колдонулууда. 1960-жылдарда ЭЭМ м-н байланышкан «түздөн түз» П. б. с. түзүлдү. Андан кийин өзгөрмө структуралуу кичине ЭЭМ м-н байланыштырылган «циклдүү», анан цифралуу башкаруу системалары жасалды, бүтүндөй автоматташтырылган башкарылма технол. участкалар иштеп чыгарылды.

ПРОГРАММАЛУУ БАШКАРЫЛМА СТАНОК — сандуу программалуу башкаруу системасы (СПБС) м-н иштетиле турган металл кесүүчү станок. Бул станок сериялык өндүрүштө экон. жактан өтө натыйжалуу келет. СПБС станокту ишке даярдоону ж-а тетикти иштетүүнү толук механикалаштырууга мүмкүндүк түзөт, СПБС төмөндөгү автоматтык элементтерден — программаны киргизүүчү түзүлүштөн (программаны башкаруу сигналына айландырат), аралык «эсептегичтен» (башкаруу сигналын «эсинде сактайт»), салыштыргыч түзүлүштөн, аткаргыч механизмден турат. П. б. с-то СПБСтен алынган информация кодго айландырылган программа түрүндө башкаруу системасына берилет. Анан ал программа эсептөөчү түзүлүшкө жиберилип, анда тийиштүү командалык импульска (электр сигналына) айландырылат да, андан башкаруу механизми аркылуу станоктун аткаргыч органына (суппорт, салазка, стол ж. б.) берилет. П. б. с-то колдонулуучу СПБС арналышы, информациянын берилүү саны, программа бергичи ж. б. касиеттери б-ча көп түргө бөлүнөт. Ишинин айрым түрү гана башкарыла турган циклдүү П. б. с-тор да бар.

ПРОГРАММАЛУУ ЖӨНДӨГҮЧ — алдын ала түзүлгөн программа (үзгүлтүксүз же дискреттүү) б-ча иштөөчү автоматтык жөндөгүч. П. ж-кө программа бергич түзүлүш ж-а объектинин программаланган абалы м-н чыныгы абалын салыштыруу аркылуу аракетти башкарууну пайда кылуучу жөндөгүч кирет. Программаны машинага берүү үчүн электр функциялык потенциометр, перфокарта ж. б. пайдаланылат. Татаал системаларда башкаруу үчүн ЭЭМ колдонулат, ал программаны өзү түзүп берүүчү түзүлүштүн милдетин аткарат.

ПРОГРАММАЛУУ МУЗЫКА — аспаптык музыканын түрү; белгилүү бир ири адабий чыгарманын мазмунуна (сюжетине) негизделип жазылган муз. чыгарма. Ал көбүнчө чыгармanын аты м-н аталат (У. Шекспирдин драмасы б-ча Р. Штраустун «Макбет» аттуу симф. поэмасы). П. м. кээде жеке сюжетке (Г. Берлиоздун «Фантастикалык симфониясы»), тарыхый окуяларга (Д. Шостаковичтин 7-симфониясы), филос. мазмунга (Р. Штраус, «Заратустра ушундай деген»), табият көрүнүштөрүнө (К. Дебюсси, «Деңиз»), уламыштарга ж. б. сюжеттерге негизделет. О. эле өнөрдүн башка түрүнөн (М. Мусоргскийдин «Көргөзмөдөгү суреттөр») да алынат. П. м-да көбүнчө марш, бий ж-а ыр жанрларынын ыргактык, обондук негиздери, муз. формалар ж-а жанрлар (симф. сюита) колдонулат. П. м. байыртан эле (Греция) белгилүү болгон. 18-к-да Ф. Куперен, Ж. Ф. Рамо, И. С. Бах ж. б. композиторлор П. м. (клавесинге арналган миниатюралар) жазган. 19-к-да А. К. Глазунов, А. К. Лядов, С. В. Рахманинов, сов. комп. Н. Я. Мясковский, Д. Д. Шостаковичтин чыг-лыгынан кеңири орун алган. Кыргыз музыкасында П. м. элдик аспаптык музыкада кездешет. Мис., комуз, кыл кыяк ж. б. аспаптарга арналган «Көкөй кести», «Ат кетти», «Кыргыз кочу», «Паровоз» ж. б. күүлөр, композитор

В. Власовдун «Токтогул», Т. Эрматовдун «Айыл элестери» ж. б. симф. чыг-лар бар.

ПРОГРАММАЛУУ ТЕКШЕРҮҮ (ЦЭМде) — кандайдыр бир *программаны* ЦЭМде аткаранда алынган жыйынтыктардын тууралыгын атайын программанын жардамы м-н текшерүү. П. т. м-н ЦЭМдин абалы (дайыма болуучу каталар же жаңылыштыктар), түзүлгөн программанын тууралыгы ж-а аны аткарылышы текшерилет. П. т-нүн биринчи милдети сыноо программалары, экинчиси жонго салгыч программалар м-н текшерилет да, жыйынтыктарды эки же үч саноо аркылуу текшерин суммалоо м-н, о. эле чыгарылган натыйжалар кээ бир текшерүү катыштары м-н салыштырылып, мезгил-мезгили м-н текшерилип турулат.

ПРОГРАММА ОПЕРАТОРЛОРУ — программанын командаларынын тобу. Алар элементардык ж-а жалпыланган түрдө болот. Элементардык оператор (ЭО) деп ыраттуулук, байланыштуулук, автономиялуу, жонокой каспеттерге ээ болгон оператор айтылат. ЭОдо сырттан берилген башкаруу биринчи командага гана берилет. Андан кийин команда сакталган уячанын номерине карата командадан командага башкаруу жиберилет. ЭО жумуштун бир гана түрүн аткарат. ЭОлор аткара турган жумуштарынын түрүнө карата ии аткарма (берилген маалыматты изилдеген натыйжага өзгөрткүч), логикалык (логикалык шарттарды текшергич), аракеттүү (программанын командасын өзгөрткүч), токтоткуч (машинанын ишин токтоткуч), жардамчы (маалыматты машинага берүүчү ж-а машинадан чыгаруучу ж. б.) операторлор болуп айырмаланат. Жалпыланган оператор деп ыраттуулук ж-а автономиялуу касиеттерге ээ болгон оператор аталат. П. о. программаны жазуу үчүн колдонулат. Бул үчүн программанын операторлук схемасы берилет, б. а. операторлун командасы б-ча машина аткарчу амалдардын бардыгы жазылат.

ПРОГРЕСС (лат. progressus — илгерилөө, ийгилик) — өнүгүүнүн бир багыты, тиби. Буга төмөнтөн өйдөго, жонокойдон татаалга карай илгерилөө мүнөздүү. П-тин карама-каршысы — *регресс*.

Дүйнөдөгү өзгөрүүлөр белгилүү бир багытка карай жүрө тургандыгын адамдар атам заманда эле байкаган. Байыркы авторлордун көбү тарыхты окуялардын жонокой ыраттуулугу деп, анын кыймылы же «кой үстүндө торгой жумурткалаган» коомдон кедери кеткен регрессчил процесс (Гесиод, Сенека) же бир эле стадия улам кайталана берүүчү циклдик айлануу (*Платон, Аристотель*, Полибий) деп карашкан. Коомдогу П-ти христиан, ислам ж. б. диндер да жокко чыгарат. Телчигин келаткан буржуазиянын коомдук өнүгүү ылдамдап баратканын чагылдырган социалдык философиянын оптимисттик мүнөздө болгон. Ф. *Бэкон* ж-а Р. *Декарт* дүйнөнү ил. таануу өөрчүн баратканын белгилешкен. Кийинчерээк П. идеясы социалдык мамилелер чойросүнө да тараган (А. Тюрго, Ж. Кондорсе). Агартуучулар феод. мамилелерди кыйратуу зарылдыгын негиздешип, *утопиялык социализмдин* көп түрдүү системаларын ойлоп табышкан. Бирок агартуучулар коомдук П-ти адамзаттын акыл-эс П-инен чыгарышкан, алардын П. ж-догу теорияларына историзм мүнөздүү болгон эмес. П. ж-до терең ойду Г. *Гегель* айткан. Ал тарых жөн эле өзгөрүү эмесин, эскиден жаңы пайда болорун белгилеген. Бирок ал тарыхый П-ти дүйн. духтун өнүгүшү катары каран, коомдун бир баскычтан экинчи баскычка өтүшүн түшүндүрө алган эмес. П. ж-догу маркчыл-ленинчил көз караш тарыхты матер. түшүнүүгө таянат ж-а П. маселесинде диалек. мамиле кылуу жагын талап кылат. П.— абстракттуу эмес, белгилүү бир тарыхый процесске же кубулушка байланыштуу колдонулуучу түшүнүк. Коомдук П-тин объективдүү критерийин коомдун материалдык негизинен издөө керек. Өндүрүш мамилелери тарыхый процесстин үзгүлтүктүү (дискреттүү) өнүгүшүн, анын конкреттүү формаларынын өзгөчө болорун түшөндүрат; ал эми өндүрүчү күчтөр үзгүлтүксүз, тынымсыз өнүгүп отурат да, коомдук өнүгүштүн негизин түзөт. Өнөндуктан В. И. Ленин өндүрүчү күчтөрдүн өнүгүү мүдөөсүн коомдук П-тин жог. критерийи деп эсептеген. Коомдун табият күчтөрүн өзүнө багындыруу, социалдык-саясий теңсиздиктен бошонуу деңгээли — тарыхый П-тин жалпы критерийи. Ушул мааниде алганда жамааттык, кул ээлик, феод., капит. ж-а коммунисттик формациялар коомдук өнүгүүнүн закон ченемдүү стадиялары болот. Бирок бул — карама-каршы процесс, анын тиби ж-а темпи ар түрдүү. Алгачкы жамааттык, кулчулук, феод. коом жай өнүккөн, ал эми капитализм тез өнүгө баштаган. Анткен м-н коомдун ичинде анын айрым элементтери тез өнүгүп, айрымдары артта калуунун натыйжасында П. антагонисттик карама-каршы мүнөзгө ээ болот. Дүйн. масштабда капитализмден социализмге өтүү — азыркы мезгилдеги коомдук П-тин негизги багыты. Мында П-тин антагонисттик карама-каршылык мүнөзү жоюлат. П. түшүнүгүн бүт Ааламга, циклдик мүнөздөгү орг. эмес табияттын көп процесстерине колдонууга болбойт. Жандуу табиятта П-тин критерийлерин аныктоо б-ча окумуштуулар арасында талаш-тартыштар бар.

Ад.: Лаврикашвили Л. Ш., Очерки по истории учения об эволюционном прогрессе. М., 1956; Проблемы развития в природе и обществе. Сб. ст., М.—Л., 1958.

«ПРОГРЕСС» — сов. космос кемесинин аты. 1978-ж. 20-январда «П.-1», 7-июлда «П.-2», 8-августта «П.-3» учурулган. «П.» автоматтык кеме «Союз» космос кемесинин базасында түзүлгөн. Ал орбиталык ил. станциянын узак убакыт бою иштөөсүн камсыз кылуу үчүн транспорт операцияларын аткарат. «П-ти» учуруунун максаты: борт системасынын конструкциясын сыноо, комплекстүү иштетүү ж-а жаңы автоматтык жүк транспорт кемесин жабдуу; «Салют» — «Союз» орбиталык ил. учуучу комплекси м-н биргүүнү ишке ашыруу; кыймылдаткыч отунун ж-а түрдүү жүктөрдү жеткирүү. 1978-ж. 22-январда «П.-1» «Салют-6» — «Союз-27», 9-июлда «П.-2», 10-августта «П.-3» «Салют-6» — «Союз-29» ил. комплекстери м-н аралашып биригишүүсү ишке ашырылды. Программа б-ча өз кызматын аткарандан кийин «П.-1», «П.-2», «П.-3» атмосфанын калың катмарына кирип, күйүп жок болот.

ПРОГРЕСС — Чүй р-нундагы Он Бир-Жылга айыл советине караштуу кыштак. «Прогресс» к-зунун аймагында. Райондун борбору Чүйдөн 12 *км* түш.-чыгыш тарапта. Токмок т. ж. станциясынан 12 *км*. Калкы 1255 (1976). Орто мектеп, клуб, медпункт бар.

ПРОГРЕСС — Ысык-Көл обл-нын Ысык-Көл р-нундагы Бостери айыл советине караштуу кыштак. № 54-мамл. асыл тукум жылкы а-дунун борбору. Райондун борбору Чолпон-Ата ш-нан 4 *км* чыгыш тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 79 *км*. Калкы 1670 (1976). Сегиз жылдык мектеп, клуб, китепкана бар.

ПРОГРЕССИЯ (лат. progressio — алдыга жылуу, өсүү) — ар кандай u_k мүчөсү аның алдындагы u_{k-1} мүчөсүнө туруктуу санды кошуу *(арифметикалык прогрессия)* же аны туруктуу санга көбөйтүү м-н *(геометриялык прогрессия)* алынган $u_1, u_2, \ldots u_k \ldots$ сан удаалаштыгы.

«ПРОГРЕССЧИЛ БЛОК» — 4-Мамл. дума (октябристтер, прогрессчилдер, кадеттер ж. б.) м-н Мамл. советтеги бурж.-помещиктик фракциялардын биримдиги. 1915-ж. биринчи дүйн. согушта падыша аскерлеринин фронттордогу жеңилишинен улам ж-а рев-ялчыл кырдаалды болтурбоо максатында түзүлгөн. «П. б.» жеке бийликтин шартында либералдык реформаны белгилүү минимумуна жетишүүнү ж-а согушту жеңиштүү аяктоону көздөгөн.

«П. б.» программасынын негизги талабы буржуазиянын ишенимине киргендерден өкмөт түзүү болгон. «П. б.» 1916-ж. сарай төңкөрүшүнө катышкан. 1917-ж. Февр. рев-ясынан кийин көбү Убактылуу өкмөттүн составына кирген, кийин Совет өкмөтүнө каршы активдүү күрөшкөн.

«ПРОГРЕССЧИЛДЕР», «прогрессчил партия» — Россиядагы либералдык-монархиялык буржуазия м-н помещиктердин саясий тобу. Ал төп

1912-ж. ноябрда «Прогрессчил партиялы» түзгөн. «П-дин» жетекчилери А. И. Коновалов, И. Н. Ефремов, П. П. Рябушинский, М. М. Ковалевский ж. б. болгон. «П-дин» программасы конституциялык монархиялык түзүлүштү талап кылган. Алар 1915-ж. августтан 1916-ж. ноябрга чейин «Прогрессчил блоктун», 1917-ж. Февр. рев-ясынан кийин Убактылуу өкмөттүн составына кирген. Окт. рев-ясынан кийин контррев-ячыл башка партиялар м-н кошо Совет бийлигине каршы күрөшкөн.

ПРОГУЛ — жумуш күнү ичинде ишке жүйөлүү себепсиз келбей коюу. Иш убактысында мастык да П. деп эсептелет. П. өндүрүштүн нормалдуу иштешин бошоңдотуп, эмгек тартибин одоно бузат. П. жасагандарга: эскертүү, согуш, катуу согуш, 3 айга чейинки моонотко эмгек акы азыраак төлөнүүчү ишке которуу же ошол эле моонотко төмөнкү кызматка түшүрүү, жумуштан бошотуу жазалары колдонулат. Ишкана жетекчиси прогулчу ж-догу материалды жолдоштук соттун кароосуна берүүгө да ыктымал.

ПРОДРАЗВЕРСТКА, азык-түлүк чачымы — а. ч. азык-түлүгүн даярдоо системасы. П. б-ча дыйкандар жеке ж-а чарб. кереги нен (нормадан) ашык эгинин ж. б. азык-түлүгүн туруктуу баа м-н мамлекетке өткөрүүгө милдеттүү экендиги белгиленген. Муну Совет мамлекети 1918—20-ж. Граждөө согуш мезгилинде колдонгон. 1918-ж. Сов. Россиянын борбору негизги а. ч. райондорунан ажыран, камдалган даны түгөнүп, шаардыктар м-н жакыр элеттиктер ачкалыкка учураган. Совет өкмөтү күчүмдүк муктаждыкты канааттандыруу үчүн көбүнчө мамл. эгин монополиясын үзгүлтүккө учуратууга, соода эркиндигин сактоого аракеттенген оокаттуу дыйкандардын ашык азык-түлүгүн эсепке алууга аргасыз болгон. Ошол шартта П. эгин даярдоонун бирден бир жолу эле. П. 1918-жылдан прети м-н жүргүзүлүп, Сов. Россиянын бүт аймагында эгинге, 1920-ж. дээрлик бардык а. ч. азык-түлүгүнө колдонулду. П. Кызыл Армияны, шаар эмгекчилерин азык-түлүк, о. ж-ды сырьё м-н камсыз кылуу маселесин пландуу чечүүгө мүмкүндүк берди. П. *«согуш коммунизми»* системасынын маанилүү чараларынын бири эле. Согуштан кийинки кырдаалга ылайык Совет өкмөтү *жаңы экономикалык саясатка* өткөндүктөн РКП(б)нин 10-съездинин (1921, март) чечими б-ча П. *азык-түлүк салыгы* м-н алмашылган.

Ад.: Стрижков Ю. К., Из истории введения продовольственной разверстки, в сб.: Исторические записки, т. 71, М., 1962.

ПРОДУКЦИЯ АССОРТИМЕНТИ — сапаты, сорту, көлөмү, тышкы көрүнүшү ж. б. белгилери б-ча айырмалануучу продукциялардын белгилүү составы ж-а түрлөрү. Соц. өндүрүштүн өнүгүшү, керектөөнүн өсүшү П. а-нин системалуу түрдө жакшырышын талап кылат. Продукциянын пландаштырылган ассортиментин толук ишке чыгаруу — ишкана ишинин маанилүү көрсөткүчү. Мында планды дүң продукция б-ча гана эмес, ассортименти б-ча да аткаруу ото маанилүү.

ПРОДУКЦИЯ НОМЕНКЛАТУРАСЫ — о. ж-да, чарбанын башка тармактарындагы өндүрүш ишканаларында өндүрүлүүчү материал байлыктын классификацияланган тизмеси. Продукциянын айрым түрүн тактоо же жалпылоо деңгээли б-ча номенклатура: кеңири, топтолмо ж-а жыйынтыкталма-пландалма болуп бөлүнөт. Кеңири номенклатурада продукциянын тиби, маркасы, багыты, көлөмү, артикулу, сорту толук көрсөтүлөт. Топтолмосунда продукциянын айрым түрлөрү бир ат м-н бир түрдүү топко бириктирилет. Үчүнчүсүндө продукциянын тизмеси ото прилештирилет. П. н. продукциянын маанилүү түрлөрүн камтыйт. Тармактар м-н ведомстволордун пландарында П. н. жеткиликтүү такталып, анын составына эл чарба планынын номенклатурасындагы СССР Мин. Советинин материалдык-тех. жактан жабдуу комитети аркылуу болуштүрүлүүчү продукция кирет. Ишкана планында П. н. пландагы тапшырмалардын негизинде түзүлөт.

ПРОДУКЦИЯНЫН КОМПЛЕКТТҮҮЛҮҮ — о. ж. продукциясынын пайдалануусуна жарактуулугун аныктоочу составдан болукторуңун, жасалгаларынын, аспаптарынын толуктугу. Таталл машина м-н механизмдердин комплекттүүлүгү бүт зарыл тетик, аппаратура, түрдүү жабдык, кошумча жасалга ж. б-нын бар экендиги м-н түгөлдөнөт. Аларсыз машина же механизм кадимкидей иштей албайт же арналышына ылайык пайдаланылбай калат. Ар кыл буюмдуу продукциянын комплекттүүлүгү санынын ж-а түрүнүн толуктугу м-н аныкталат. Сырьё м-н материалдын комплекттүүлүгү продукцияны белгилүү ассортименти м-н санын так сактап ташпырууда турат.

ПРОДУКЦИЯНЫН ӨЗ НАРКЫ — соц. өндүрүштүк ишкананын продукция өндүрүү ж-а сатуу чыгымын акчалай туюнтуучу экон. категория. Сов. ишканада ал сырьёнун, негизги ж-а кошумча материалдын өтүн ж-а энергия наркынан, негизги өндүрүш фондусун амортизациялоо, эмгек акы, социалдык камсыздоо чыгымынан турат. Буга соода ж. б. акчалай чыгым да кошулат. П. өз н. чыгым көлөмүнө ылайык төмөндөгү түрго бөлүнөт: цехтеги өз нарк — цех чыгымы; фабрика-заводдогу өз нарк — ишкана б-ча чыгым; толук өз нарк — продукцияны өндүрүү ж-а соода-сатык чыгымы. П. өз н. пландуу ж-а отчёттук болуп айырмаланат. Соц. өндүрүштү уюштурууда, чарб. эсептин принциптерин ишке ашырууда П. өз н. көрсөткүчү маанилүү роль ойнойт. Аны төмөндөтүү өндүрүштүн рентабелдүүлүгүн жогорулатуунун, соц. топтоонун өсүшү үчүн негизги себеп болуп эсептелет. Баа белгилөөдө өз нарк негиз катары алынат, аны ыраттуу азайтуу аркылуу мамлекет дүң ж-а чекене бааны арзандатат. П. өз н-н төмөндөтүүнүн негизги факторлору: эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу; продукция өндүрүүгө материалды аз жумшоо; өндүрүш каражаттарын пайдаланууну жакшыртуу; өндүрүштү тейлөө ж-а башкаруу чыгымын кыскартуу; өндүрүшкө тиешесиз сарпты азайтуу ж. б. КПССтин XXV съездинин чечимдеринде П. өз н-н төмөндөтүү милдети белгиленген.

ПРОДУКЦИЯ РЕАЛИЗАЦИЯЛОО — сатуу (өткөрүү, жүгүртүү) үчүн эл чарбасына ө. ж. ишканасынан продукция түшүү. Бул ишкананын чарб.-финансы ишин, о. эле өндүрүштүн рентабелдүүлүгүн ж-а натыйжалуулугун айкындоочу маанилүү экон. көрсөткүчтөрдүн бири. Ө. ж. ишканасынан жөнөтүлүп, баасын керектөөчү же соода уюму төлөгөн продукция реализацияланган продукция (Р. п.) болот. Бул көрсөткүчкө ө. ж. жагдайында иштетилген иштин наркы, ишканадагы жабдуу м-н транспорт каражаттарын капиталдык ремонттон өткөрүү наркы ж-а өзү даярдаган жабдуунун наркы кирет. П. р-нун көрсөткүчү сан ж-а сапат жагынан дүң продукцияны көрсөткүчүнөн айырмаланат. Ал көрсөткүч чыгарылуучу персенин сапатын жогорулатууга ж-а калктын талабын билүү үчүн пландаштыруучу органдарга жардам берет. Продукциянын чыныгы көлөмү отчёт берилүүчү мезгилдеги баа ж-а ишкананын пландагы дүң баасы м-н аныкталат. Продукция сатуу ж-а өткөрүү б-ча ишканада пландын аткарылышы ж-а ашыра орундалышы рентабелдүүлүккө таасир тийгизип, өндүрүштү кеңейтүү фондусуна чегерилүүчү пайда көлөмүн жогорулатат.

ПРОДУКЦИЯ САПАТЫ — продукциянын белгилүү муктаждыкты канааттандырууга жарактуулугун аныктоочу касиет жыйындысы. П. с. продукциянын керектөөгө жарактыгын гана эмес, технол. касиетин, о. эле конструкция — коркомдук өзгөчөлүктөрүн, бышыктыгын ж. б-ды камтыйт. П. с-н мүнөздөөчү касиеттер сандата чен көрсөткүчтөрү аркылуу чагылдырылат. Чен деңгээли аны аныктоо шартына ж-а методдоруна жараша болот. П. с-ның көрсөткүчтөрү объективдүү ыкмалар, б. а. сезим мүчөлөр, экспертиза ж. б. аркылуу аныкталып, продукцияны жасоо ж-а пайдалануу шартына ылайык баамдалат. П. с-ның тийиштүү үлгү көрсөткүчтөрго салыштырылма баамы П. с-ның деңгээлин көрсөтөт да, П. с. керектоо наркын аныктап, улут байлыгын көбөйтүүдө зор роль ойнойт. П. с-ның жо-

горулашы — аның санының арбышына барабар. Бирок санды көбейткөнгө караганда сапатты жакшыртууга чыгым аз жумшалат.

Продукциянын сапат көрсөткүчтөрүнүн белгиленген талаптарга (стандарт, тех. шарт ж. б.) ылайык келишин текшерүү жолу м-н П. с-ның зарыл деңгээли аныкталып, жөнгө салынып турат. Мында пландоо, кызыктыруу, баа түзүү сыяктуу экон. методдор да колдонулат. 1971-жылдан өлкөдө даярдалган товарлардын сапатын бирдиктүү аттестациялоо системасы киргизилген. Ал б-ча продукция жог., биринчи ж-а экинчи категорияга бөлүнөт. Жог. категорияга таандык продукцияга *Мамлекеттик сапат белгиси* берилет. Экинчи категориядагы продукцияны чыгаруу токтотулат же сапаты жакшыртылат. КПССтин 25-съезди П. с-н жакшыртууга айрыкча маани берип, 10-беш жылдык сапат ж-а натыйжалуулук беш жылдыгы деп жарыяланды.


Ад.: КПССтин XXV съездинин материалдары, Фр., 1977.

ПРОДЮСЕР, продьюсер (лат. produco — жасайм, курам) — АКШның ж-а көэ бир капит. өлкөлөрдүн кинематографиясында кинокомпаниянын ишенимдүү адамы. Ал фильмди тартууда аның көркөм-идеялык жагын ж-а финансы-уюштуруучулук иштерин көзөмөлдөйт. Көэде менчик кинофирмалары бар белгилүү режиссёрлор, актёрлор, сценарийчилер да П. болот.

ПРОЕКТОР (лат. projicio — алга ыргытам) — *негативдин,* диапозитивдин, сүрөттүн, чиймөнүн же тегиктин (чоңойтулган, кичирейтилген же чыныгы масштабда) сүрөттөлүшүн экранда көрсөтүүчү оптикалык прибор. П. диаскоптуу, эпископтуу, эпидиаскоптуу болуп айырмаланат. Диаскоптуу П-до (проекциялоочу аппараттар, кинопроекторлор) тунук объектинин сүрөттөлүшү андан жарык өтүү аркылуу алынат, эпископтуу П-до тунук эмес объектинин сүрөттөлүшү чагылган жарык аркылуу алынат. Эпидиаскоптуу П. алардын айкалышынан түзүлөт. П-лор кино ж-а сүрөт техникасында, картографияда, көчүрмө техникада, так механизмдерди өлчөөдө ж. б-да колдонулат.


ПРОЕКЦИЯ (лат. projectio — алга ыргытуу) — проекциялоо операциясы м-н байланышкан геом. термин. П. төмөнкүчө аныкталат: П. тегиздиги ж-а ал тегиздикте жатпаган M ж-а S чекити берилсин, мында ($S \neq M$). S ж-а M чекиттерин туташтырган SM түз сызыгын жүргүзөлү. SM түз сызыгы Π тегиздигин M' чекитинде кесип өтсүн. Анда M' чекити M чекитинин Π тегиздигиндеги П-сы деп аталат. S проекциялоонун борбору делип, ал эми SM проекциялоочу түз сызык деп аталат. Проекция тегиздиги, M' чекити M чекитинин нускасы (образы), M чекити M' чекитинин түп нускасы (прообразы) деп аталат (к. чийме). F фигурасынын проекциясы деп бардык чекиттеринин П-сынын жыйындысы аталат. Жогорудай алынган П. борбору, айрым учурда конустук П. же перспектива деп да айтылат.

Бир тегиздикти экинчи тегиздикке П-лоодо П. тегиздигинде нуска П-лануучу тегиздикте түп нуска (оригинал) да болбой калышы мүмкүн.




П-лоо м-н түзүлүүчү Π ж-а Π' тегиздиктеринин арасындагы тиешелештик өз ара бир маанилеш тиешелештик болбойт. Чексиз алыстаган чекиттерди кийрүү м-н Π ж-а Π' тегиздиктеринин арасындагы тиешелештик өз ара бир маанилеш болуп калат. Мында параллель түз сызыктар BS ж-а PA' чексиз алыстаган B' чекитинде кесилишет; анда B' чекитин Π' тегиздигиндеги B чекитинин нускасы (образы) делинет. Ушуга окшош эле чексиз алыстаган C чекити C' чекитинин түп нускасы (прообразы) деп айтууга болот (2-сүрөт). Бул учурда П. перспективалуу коллинеация деп аталат.

Эгер П-ның борбору чексиз алыстаган чекит болсо, П-лоочу түз сызыктар өз ара параллель болушат.




Мындай П. параллель П. же цилиндрдик П. деп аталат. Параллель П-ның айрым учуру — тик бурчтуу же ортогоналдуу проекция. Борб. ж-а параллель П-лоо черчениеде, чийме геометрияда, топографияда, астр-яда ж. б-да колдонулат.

ПРОЕКЦИЯ ГЕОМЕТРИЯСЫ — геометриянын проекциялык өзгөртүп түзүүдө, мис., проекциялоодо өзгөрбөс фигураларды касиетин үйрөтүүчү бөлүмү. Мындай касиет проекциялык касиет деп аталат. Түз сызыктардын параллелдүүлүгү, перпендикулярдуулугу, кесиндилердин ж-а бурчтардын барабардыгы проекциялык эмес касиетке кирет, анткени кесилүүчү l ж-а m түз сызыктары l' ж-а m' (1-сүрөт) параллель сызыктарга проекцияланышы мүмкүн. Мында AB ж-а BC барабар кесиндилер барабар эмес $A'B'$ ж-а $B'C'$ кесиндилерге проекцияланат (2-сүрөт). Ар кандай экинчи тартиптеги сызыктын проекциясы кайрадан эле экинчи тартиптеги сызык болгондуктан экинчи тартиптеги сызыктардын классына таандык болуу—проекциялык касиет.



Түз сызыктагы 4 чекиттин гармоникалык жайланышы да проекциялык касиетке ээ болот. П. г-нда окулуучу негизги объекттер — проекциялык мейкиндиктеги чекит, түз сызык ж-а тегиздиктер. П. г-ның түшүнүктөрүнүн мисалдары—3 чекиттин коллинеардуулугу, чекит ж-а түз сызыктын, чекит ж-а тегиздиктин, түз сызык ж-а тегиздиктин инциденттүүлүгү. Түгөйлөштүк принциби проекциялык геометрияда чоң мааниге ээ. П. г-н 17-к-да Ж. Дезарг, Б. Паскаль негиздеген. 19-к-дын башында Ж. Понселе П. г-н озунчо илим катары түзгөн. П. г-на Ж. Брианшон, Я. Штейнер, М. Шаль ж-а К. Штаудттун салымдары да бар. П. г-ның аналит. багыты А. Мёбиустун эмгектеринде каралган. Бул геометриянын өнүгүшүнө Лобачевскийдин евклиддик эмес геометрия б-ча эмгектеринин маанилүү таасири тийген. П. г-на сов. илимпоздор А. Н. *Колмогоров* м-н Л. С. *Понтрягиндин* эмгектери да арналган.



Ад.: Глаголев Н. А., Проективная геометрия, М., 1963; Ефимов Н. В., Высшая геометрия, М., 1971; Хартсхорн Р., Основы проективной геометрии, М., 1970.

ПРОЕКЦИЯЛЫК ӨЗГӨРТҮП ТҮЗҮҮ — бир түз сызыктагы чекиттер түз сызыкта жатуучу чекиттерге өтө тургандай проекция тегиздигинин же проекция мейкиндигинин бири бирине өз ара бир маанилүү чагылдырылышы. П. о. т-нүн негизги инварианты төрт чекиттин таттаал катышы болот. П. о. т. группаны түзөт. П. о. т-нүн кандайдыр бир фигураны өзгөртпөстөн ордунда калтыруучу группасының инварианттар теориясы метрикалык геометрияны түзөт. П. о. т-нүн практикада колдонулуудагы өтө маанилүү ж-а жеңекөй мисалы — *гомология.* Проекциялык тегиздиктеги гомология — түз сызыкты ж-а анда жатпаган чекитти жылдырбастан өз ордунда калтыруучу П. о. т. Мейкиндиктеги П. о. т-нүн мисалы — перспектива. Перспектива же борб. проекция — проекция борбору деп аталган S чекити аркылуу тегиздиктеги фигураны башка тегиздиктеги фигурага чагылдыруу. Ар кандай П. о. т. перспективаның чектүү сандагы удаалаштыгы м-н алынат.

ПРОЕКЦИЯ МЕЙКИНДИГИ — чексиз алыстаган чекиттер, түз сызыктар ж-а тегиздиктер м-н толукталган евклид мейкиндиги. Ар бир түз сызык бир гана чексиз алыста жаткан чексиз алыстаган түз сызык м-н, ал эми бүткүл мейкиндик бир гана чексиз алыстаган тегиздик м-н толукталат. П. м-ндө параллель түз сызыктар параллель тегиздиктер болбойт, ошондуктан параллель түз сызыктар жалпы бир гана чексиз алыстаган чекит м-н, параллель эмес түз сызыктар ар кандай чексиз алыстаган чекиттер м-н, параллель тегиздиктер жалпы бир чексиз алыстаган түз сызык м-н толукталат. Ар кандай түз сызык толукталган чексиз алыста жаткан чекиттер, чексиз алыста жаткан түз сызыкка, бардык чексиз алыста жаткан чекиттер ж-а түз сызыктар чексиз алыста жаткан тегиздикке таандык. П. м-н чекит, сызык ж-а тегиздиктердин контүгү катары аксиомалык түрдө аныктоого болот. П. м-нин элементтери ж-а чексиз алыстаган элементтери бирдей эле мааниде колдонулат.

ПРОЕКЦИЯ МЕТРИКАСЫ — *проекция геометриясынын* каражаттары м-н бурчтарды ж-а узундуктарды чоочуу ыкма. Ал кандайдыр бир фигураны берилген геом. метриканы аныктоочу абсолют катары кабыл алат да, бардык проекциялык өзгөртүп түзүү группасынын ичинен абсолютту өзүнө чагылта тургандай кыймылдын группасын түзөт. Мис., эгерде абсолют катары бардык кесиндилер үчүн бирдей болгон экинчи тартиптеги сызыкты алсак, анда Лобачевский тегиздигинин метрикасы түзүлөт. Бул учурда AB кесиндилеринин уз. $\lambda ln(ABPQ)$га барабар, мында P ж-а Q — абсолют м-н AB түз сызыгынын кесилиш чекиттери, $(ABPQ)$ — кош катыш, λ — бардык кесиндилер үчүн туруктуу сан.

ПРОЕКЦИЯ ТЕГИЗДИГИ — чексиз алыстаган чекит ж-а чексиз алыстаган түз сызык м-н толукталган евклид тегиздиги. Топологиялык көз караш б-ча П. т. Эйлер мүнөздөмөсү 1 болгон багытталбаган туюк бет болуп эсептелет.

ПРОЖЕКТОР (лат. projectus — алга ыргытылган дегенден) — лампанын жарык агымын оптикалык системанын жардамы м-н чектелген бурчтун ичине чогултуучу жарык прибору. Колдонулушуна жараша алыс ж-а жакын жарык кылуучу, сигнал П. болуп айырмаланат. Алыс жарык кылуучу П. аскер ишинде кеңири колдонулат. Жакын жарык кылуучу П-дун жардамы м-н ачык аянттар (т. ж. ж-а станция, карьер, курулуш аянты, аэродром, кеме аялдамасы, футбол аянты ж. б.), о. эле имарат фасады, кино тартуучу аянт ж. б. объекттер жарык кылынат. Сигнал П. кабар берүүдө же П-дун (маяктын) ордун аныктоодо колдонулат.

ПРОЗА (лат. prosa — тике, эркин сөз дегенден) — 1) кең мааниде ырдан айырмаланган, кара сөздөр м-н баяндалган, көркөм ж-а ил.-популярдуу чыг-лардын жалпы атамасы; 2) тар мааниде көркөм сөз өнөрүнүн поэзиядан айырмаланган түби. Прозалык көркөм кеп (речь) абзацтарга, мезгилдерге (периоддорго), сүйлөмдөрго бөлүнөт. Бу касиеттер кадыресе оозеки кепке да тиешелүү.

Байыркы заманда ж-а о. кылымдарда П. деп кара сөз м-н жазылган, көркөм ад-тка тиешеси жок чыг-лар айтылган. Ал эми нукура көркөм П. *Кайра жаралуу* доорунда пайда болуп, сөз өнөрүнүн закондуу формасы катары калыптанган. Аның уютукусу ошол доордогу италия *новелласы,* М. *Сервантестин,* Д. *Дефонун,* А. Превонун П-лык чыг-лары болгон. Улуу Окт. соц. рев-ясына чейин кыргыз элинин жазмасы болбогондуктан П. оозеки ад-ттын алкагында өнүгүп келген. Ал жомок, уламыш, санжыра деп айтылып, көбүнчө ритмикалуу уюшулган (к. *Жорго сөз).* Демек, ритм П-да да учурайт; автор ага кайрылуу м-н чыгармада баяндалган окуянын, көрүнүштүн эмоционалын арттырат.

Көркөм П-ның табиятын изилдөө 19-к-да башталып, 20-к-да кең кулач жайды. Натыйжада П-ны поэтикалык кептен (речтен) айырмалоочу айрым белгилер аныкталды. П-лык кеп поэтикалык кепке караганда сүрөттөмө касиетке көбүрөөк ээ. Ошон үчүн ал көз алдыга эң оболу сюжеттүү картина тартат; көп маанилүүлүккө эмес, түюнтулуучу ойдун индивидуалдашып, конкреттүү болушуна умтулат. Эгер поэзияга көбүнчө монологдук кеп мүнөздүү болсо, П-га андан башка диалогдук ж. б. кептер мүнөздүү.

П-га да, поэзияга да кошулбаган, стилдик, тематикалык, композициялык жагынан лирикалык поэзияга жакын **прозалык ыр** (мис., Ш. Бодлердин, И. С. Тургеневдин айрым чыг-лары) ж-а ырга өлчөмдүк белгилери жагынан окшош *эркин ыр,* ритмдүү П. деген да арабок формалар бар.

Ад.: Виноградов В. В., О художественной прозе, М.—Л., 1930; его же, О языке художественной литературы, М., 1959; Шкловский В., О теории прозы, М., 1929; его же, Художественная проза, М., 1961; Бахтин М. М., Проблемы литературы и эстетики, М., 1975; Асаналиев К., Кыргыз совет прозасынын очерки, 1—2-т., Фр., 1957; Бобулов К., Пути реализма в киргизской прозе, Фр., 1970; Жигитов С., Көп канатуу куш сыпары, к-тө: Жаңычылык жолунда, Фр., 1975, 91—144-б.

ПРОЗАЙЗМ — көркөм тексттеги поэтикалуулугу пас сөз жө сөз тизмектери; *прозанын* жалпы мааниснө байланышкан түшүнүк.

ПРОЗЕРИН — парасимпат нерв системасына таасир этүүчү дары-дармек. П. энцефалит, миастения ж. б. ооруларды дарылоодо таблетка ж-а инъекциялык эритме түрүндө колдонулат.

ПРОЗОРОВ Пётр Алексеевич [12(24). 6. 1899, Чёкоты кыш., азыркы Киров обл., Кумены р-ну.— 2. 6. 1968, Кумены р-ну; Вожгалы кыш.] — эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1948, 1958). 1926-жылдан КПСС мүчөсү. Колхоз өндүрүшүнүн новатору. Киров обл-ның Кумены р-нундагы «Красный Октябрь» к-зунун башкармасының предси болгон. Ал башкарган колхоз алдыңкы чарбага айланган. КПССтин 20—23-съезддеринин делегаты, РСФСР Жог. Советинин (3—7-шайл.) депутаты. Тынчтыкты жактоочулар конгрессинин делегаты (1950). Төрт Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ПРОКАЗА, лепра (гр. lépra) — кишинин өнөкөт жугуштуу оорусу. Аны лепра микобактериясы козгойт. Бардык континентте кездешет. П-ның жугушуна начар тамактануу, авитаминоздор, калктын топтолушу ж. б. чоң таасир этет. Оорулуудан соо адамга дем алганда, тери тытылганда жугат. Инкубация мезгили 4—6 жыл (көэде андан да көп) созулат. П-да тери, былжыр челдер, лимфа бездери, ички органдар, нерв соңгөктөрү бузулат. Бет, кол, бутта көптөгөн түсү көк, күрөң, катуу шишиктер (лепромалар) пайда болот. Алар көп жылдардан кийин фиброздуу түргө же бузулуп, жарага айланат. Дарылоодо сульфон катарындагы дары-дармек, сульфаниламиддер, о. эле жалпы организмди чыңдоочу дарылар колдонулат. Оорулуулар лепрозорийлерде дарыланат. Оорулуура жолукканда мезгили м-н байкоолордон өтүп турушат.

ПРОКАТ металлургияда — ысык ж-а муздак прокаттоо жолу м-н алынган металл буюмдары (калдыркан, тилке, тасма, рельс, устун, түтүк ж. б.); *прокат өндүрүшүнүн* продукциясы.

ПРОКАТ ӨНДҮРҮШҮ — прокаттоо жолу м-н болоттон ж. б. металлдардан ар түрдүү буюмдарды, тетиктерди, чала фабрикаттарды алуу ж-а сапатын жогорулатуу үчүн аларды кошумча иштетүү процесстери. Ө. ж-луу өлкөлөрдө эритип алынган болоттун $^4/_5$төн ашыгы прокатталат. П. о. металлургиялык з-ддордо уюштурулат, айрыкча кара *металлургияда* П. о. өндүрүш циклин бүткөрүү тармагы катары эсептелет. Прокаттоонун негизги түрүнө чала продукт же заготовка, калдыркан (такта) же сорттуу прокат, жукартылган түтүк, машинанын тетиктеринин — дөңгөлектүн, алкактын, октун, көзөөчтүн ж. б. заготовкалары кирет. Металлдарды прокаттоонун көп түрлөрү бар. Азыркы металлургиялык з-ддордо болот прокаты эки ыкма м-н даярдалат. Ал үчүн адегенде уютма алынат да, ал абдан ысытылып, андан кийин кысуучу стандарда жалпайтылып, заготовка жасалат. Анан кайра ысытылып, прокаттоо ыкмасы м-н керектүү тетик даярдалат.

Прокаттын көпчүлүгү аз көмүртектүү болоттон, бир азы легирленген болоттон ж-а көмүртеги көбүрөөк (0,4%тен ашык) болоттон иштелет.



А. А. Прокофьев.



С. С. Прокофьев.

Түстүү металлдардан прокаттоо м-н көнчүлүгү калдыркан, тасма, зым, түтүк ж-а сорттуу буюмдар жасалат. Азыркы машина куруу з-ддорунда даярдала турган тетиктердин бир далайы прокаттоо ыкмасы м-н иштеп чыгарылат. Аларда калдыркан металл, сорттуу металл, түтүк, машинанын тетиктеринин заготовкалары прокаттоо жолу м-н алынат. Прокаттоонун бул түрлөрүнүн ар биринин технологиясы ырааттуу аткарыла турган бир канча операциядан турат.

Ад.: Прокатное производство. Справочник, под ред. Е. С. Рокотяна, т. 1—2, М., 1962; Прокатное производство, 2 изд., М., 1968.

ПРОКАТ СОРТАМЕНТИ — металлургия з-ддорунун прокат стандарында даярдалган ар кандай формадагы ж-а өлчөмдөгү жалпы прокаттардын тизмеси. П. с. үч топко бөлүнөт: сорттолгон прокат, такта прокат ж-а *түтүктөр*. П. с-н түзүү максаты — ондурүштө материалдарды үнөмдүү пайдалануу; эл чарбасын П. с. м-н камсыз кылуу ж-а аларды даярдоо ишин заводдор ортосунда туура бөлүштүрүү. СССРде прокат стандарынын ар бирине өзүнчө сортамент бөлүнүп, алар адистештирилет.

ПРОКАТ СТАНЫ (металлургияда) — металлды ж. б. материалды айланма валдардын ортосуна кысып иштетүү ж-а кошумча ар кандай операцияларды аткаруучу машиналар (агрегат) системасы. П. с. складдагы алгачкы продукцияны ысытуучу мешке ж-а стан валына жеткирүү, прокаттоо процессинде прокатталуучу металлдарды бир жерден экинчи жерге жылдыруу, металл тактанын четин бүтүү, түздөө, бөлүктөрго бөлүү, белги салуу, түрүү, ороо, таңгактоо, даяр продукцияны складга откорүү ж. б. кошумча жумуштарды аткарат. П. с. арналышына жараша 5 негизги түргө бөлүнөт. Анын ар бир түрү өзүнчө бир нече типке ажыратылат: 1) кысуучу ж-а даярдоочу П. с. *(блюминг,* слябинг, түтүк даярдагыч); 2) сорттуу (рельс устундуу, ири-, орто- ж-а майда сорттуу, зымдуу тегик даярдагыч); 3) калдыркан даярдагыч стан — ысык прокаттагыч (калың калдыркан, кең тилкелүү, жука калдыркан) ж-а муздак прокаттагыч (калдыркан, тасма прокаттагыч, фольгопрокаттагыч); 4) түтүк прокаттагыч; 5) атайын прокаттагыч (доңголөк, шар, тиштүү доңголөк прокаттагыч ж. б.).

Даярдоочу ондурүш жө сорттуу прокат үчүн П. с. валдын диаметри, түтүктөр үчүн тышкы диаметр м-н мүнөздөлөт. Валдын санына жараша П. с. 2, 3, 4 ж-а андан көп валдуу, айлануу багыты б-ча туруктуу ж-а кайтма ыкмылдуу, клеттин жайгашуусу б-ча сызыктуу, үзгүлтүксүз ж-а жарым үзгүлтүксүз болуп бөлүнөт. П. с-ның металлды деформациялай турган жабдуусу негизги, ал эми башка операцияларды аткаруучулары жардамчы жабдуулар деп аталат.

Ад.: Специальные прокатные станы, под ред. А. И. Целикова, М., 1971; Целиков А. И., Зюзин В. И., Современное развитие прокатных станов, М., 1972.

ПРОКЛ (410-ж. чен, Константинополь — 485, Афины) — античный идеалист философ, неоплатонизмдин Афины мектебинин өкүлү. Филос., матем. эмгектердин автору, алардын көө бирөөлөрү ушул убакка чейин пайдаланылып келе жатат. П. неоплатонизм философиясын бир системага салууга аракеттенген. Ар кандай көнүгүүдө үч тепкич болорун белгилеген: токтоп туруу, алга умтулуу, артка кетүү. *Эвклиддин* «Негиздер» деген биринчи китебине П-дун комментарийсы — античный математиканын тарыхы б-ча маанилүү булак. Негизги филос. эмгектери: «Теологиянын түп негизи», «Платондун теологиясы» ж. б.

ПРОКЛАМАЦИЯ (лат. proclamatio — кыйкырык, чакырык) — иш таштоого, демонстрацияга, куралдуу көтөрүлүшкө активдүү катышууга чакырган жашырын баракча. Коммунистик партия Окт. рев-ясына чейин массалык саясий үгүт каражаты катары П-ны кеңири колдонгон.

ПРОКОПЬЕВСК — РСФСРдин Кемеров обл-ндагы шаар. Т. ж. станциясы. Калкы 268 мин (1978). Кузбасстагы кокс көмүрү казып алынуучу ири борбор. Машина куруунун ири борбору («Электр машина», шахта автоматика, подшипник ж. б. з-ддор). Шаарда көмүр о. ж-нын бир нече ил. из. ин-ттары, Сибирь металлургиялык ин-тунун кечки ф-тети, тоо-кен ж-а электр машина куруу техникуму ж. б. окуу жайлары, драма театры, край таануу музейи бар.

ПРОКОФЬЕВ Александр Андреевич [19.11(2.12).1900, Кобона кыш., азыркы Ленинград обл., Волхов р-ну — 18.9.1971, Ленинград] — орус совет акыны, Соц. Эмг. Баатыры (1970). 1919-жылдан КПСС мүчөсү. Алгачкы ыр жыйнактары — «Чак түш», «Кызыл кыраакылар көчөсү» (экөө тең — 1931), «Жеңиш» (1931). Совет-Финляндия согушу (1939—40) ж-а Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде П. аскер журналисти, Ленинград фронтундагы жазуучулар тобуна мүчө болгон, жоокерлерге арнап агитациялык ырлар, частушкалар, ураандар жазган. П-ге «Россия» поэмасы (1944) үчүн СССР мамл. сыйл. (1946) ыйгарылган. Анда совет элинин патриотизми, орус жергесинин сулуулугу көрсөтүлөт. «Өйүздө» (1955), «Саякатка чакыруу» (1960; Лениндик сыйл., 1961) аттуу жыйнактары формасынын чебердиги, идеясынын тереңдиги м-н бааланат. П.— элдик оозеки чыг-лыкты чебер пайдалана билген художник, поэзиялык эмоциялуу, көп кырдуу. Балдарга арналган бир нече жыйнактын да автору. Торт Ленин ордени, башка 4 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Собр. соч. (Вступ. ст. Вас. Федорова), т. 1—4, М.—Л., 1965—66; Бессмертие, Л., 1970; Звенья, Л., 1972.

Ад.: Бахтин В., Александр Прокофьев, 2 изд., М.—Л., 1963; Шошин В., Поэт Александр Прокофьев, Л., 1965.

ПРОКОФЬЕВ Сергей Сергеевич [11(23). 4. 1891, Сонцовка, азыркы Дон обл., Красноармейский р-ну, Красный кыш.—5. 3. 1953, Москва] — сов. композитор, пианист ж-а дирижёр. РСФСР эл арт. (1947). Агрономдун үй-бүлөсүнөн. Музыкага 5 жашынан өнөсү, 1902—03-ж. Р. М. *Глиэр* үйрөткөн. Петербург консерваториясында окуганга чейин (1904) 4 опера, симфония, 2 соната ж-а фортепиано үчүн пьесалар жазган. 1909-ж. консерваториянын композиция (А. К. Лядов, Н. А. Римский-Корсаков, Я. Витолдон), 1914-ж. дирижёрлук ж-а фортепиано класстарын бүткөн. П-дин алгачкы чыг-лыгында фортепиано музыкасы басымдуу: фортепиано ж-а оркестр үчүн 2 концерт (1912, 1913), 4 соната, циклдер, токката ж. б. Ушул жылдары 2 опера («Маддалена», 1913 ж-а «Кумарпоз», Ф. М. Достоевский б-ча, 1915—16; 2-ред. 1927), 1 балет, «Классикалык симфониясы» (1916—17), хордук ж-а камералык-вокалдык чыг-лары жаралган. 1908-жылдан пианист ж-а дирижёр катары концерттик гастролго (оз чыг-лары м-н) чыккан. 1918-ж. Япония аркылуу АКШга барып, 15 жыл европа өлкөлөрүн (Франция, Германия) кыдырган. 1923-жылдан Парижде жашап, 3 опера, 2 балет ж-а симф., аспаптык чыг-лар жазган. 1927, 1929-ж. СССРде гастролдо болуп, 1932-ж. ата журтуна биротоло кайтып келген. 1933-жылдан Москва консерваториясынын жог. чеберчилик мектебинде композиция б-ча сабак берген. Көрүнүктүү чыг-лары: «Семён Котко», «Согуш жана тынчтык», «Чыныгы адам жөнүндө повесть» опералары; «Золушка», «Ромео жана Жульетта», «Таш гүл» аттуу балеттери; «Иван Грозный» кинофильмине музыка, оратория, симф., балдар үчүн чыг-лар ж. б. 1955—67-ж. П-дин чыг-ларынан 20 томдук жыйнак басылып чыккан. П. сов. композиторлордун ичинен биринчи болуп 7-симфониясы (1951—52) үчүн Лениндик сыйлык алган (1957). СССР мамл. сыйл. лауреаты [1943, 1946 (2 прет), 1951]. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

Чыг.: Автобиография, М., 1973.

Ад.: Нестьев И., Жизнь Сергея Прокофьева, 2 изд., М., 1973.

ПРОКТИТ (гр. proktós — көтөн) — көтөн чучукчун былжыр челинин сезгениши. Ал көбүнчө ичеги болуктөрүнүн сезгениши (энтероколит, колит ж. б.) м-н бирге кездешет. П-ке катуу кармаган же оңокот ичеги инфекциялары, тамак-аштан уулануу ж. б. себеп болот. П-тин геморрагиялуу, ириңдүү, жарааттуу, некроздуу ж. б. түрү бар. Бул ооруда котон чучукта дайыма бир перде сезилгендей болуп, оорулуу тез-тез заңдан, анда былжыр, кан кошо чыгат. Ректоскопия, рентген, о. эле заңды микробиол. изилдөө жүргүзүлүп, оорунун формасына, себептерине жараша дарыланат.

Ад: Ленюшкин А. И., Проктология детского возраста, М., 1976.

ПРОКУРАТУРА (лат. procuro — кам көрөм, башкарам) — айрым мамлекеттерде кылмыш иштерди тергөөну көзөмөлдөөчү атайын мамл. орган. Алгач 13—14-к-да Францияда пайда болгон. Россияда П-ны 1722-ж. Пётр I негиздеген. П.—СССРде ж-а соц. мамлекеттерде закондордун так аткарылышын көзөмөлдөөчү жог. орган, к. *Закондуулук, СССРдин прокуратурасы.*

ПРОЛЕТАР ЖАЗУУЧУЛАР АССОЦИАЦИЯСЫНЫН БҮТКҮЛ СОЮЗДУК БИРИКМЕСИ (ВОАПП), к. *СССР жазуучулар союзу.*

ПРОЛЕТАРИАТ — бурж. коомдогу негизги эки таптын бири; ондурүш куралы ж-а каражаттарынан ажыраган жалданма жумушчулар табы. Алар күчүн бурж. коомдун экинчи негизги табы — капиталисттерге сатып күн корот, к. *Жумушчу табы.*

ПРОЛЕТАРИАТ АБАЛЫНЫН АБСОЛЮТТУУ ЖАНА САЛЫШТЫРМА НАЧАРЛАШЫ — капитализмде пролетариаттын турмуш деңгээлинин төмөндөшү, аның тиричилигинин жакырданышы (абсолюттуу начарлашы). Капит. коомдо жумушчу табынын турмуш деңгээлин аныктоочу орчундуу факторлор: алардын иш м-н камсыз болушу, жумушсуздардын саны, пакта эмгек акы өлчөмү ж-а аның жумушчу күчүнүн наркына шайкештиги, иш күндүн узактыгы, жумуштун ургаалдыгы, эмгек ж-а турак жай шарты, тейлоо абалы ж. б. Булардан жумушсуздуктун күчөшү маанилүү көрсөткүч болсо, пакта эмгек акынын төмөндөшү үй-тиричилик абалы начарлаганын көрсөтөт. Жумушчу табынын абалын түрдүү алыксалыктын арбышы, тиричилик буюмдарынын, мед. тейлоонун кымбатташы, үй акысынын көбөйүшү ж. б. ого бетер начарлатат. Буга *капиталисттик жайымдын жалпы закону* шарт түзөт. *Капитал жыймы* өсүшүнөн улуттук кирешеде жумушчу табынын үлүшү улам азайса, капиталист табыныкы улам көбөйөт. Ушунун негизинде коомдук теңсиздик күчөп, эзүүчүлөр м-н эзилүүчүлөр ортосунда карама-каршылык ж-а тап күрөшү оорчүйт да, соц. рев-я кырдаалы жетилет.

Ад.: Брегель Э. Я., Накопление капитала и обнищание пролетариата, М., 1961; Кузьминов И. И., Обнищание трудящихся при капитализме, М., 1960.

ПРОЛЕТАРИАТ ГЕГЕМОНИЯСЫ — демокр. ж-а соц. рев-яда, улуттук-бошт. кыймылда, социализм м-н коммунизмди курууда озүнө мүдөөлөш социалдык катмарлар, топтор ж-а таптар м-н болгон союзунда пролетариаттын жетекчи ролу. П. г. ж-догу маселе жумушчу табы өз алдынча саясий күчкө айланган мезгилде (19-к-дын ортосу) пайда болгон. Жумушчу табынын рев-ячыл тап катары тарыхый миссиясын изилдөө негизинде П. г. идеясын К. Маркс ж-а Ф. Энгельс сунуш кылган. Дыйкандар м-н союздашуудагы П. г-нын маанисин К. Маркс атайын белгилеген. В. И. Ленин империализм доорунда соц. рев-яда гана эмес, бурж.-демокр. рев-я м-н улуттук-бошт. кыймылда да пролетариат жетекчи роль ойнорун көрсөтүп, П. г. идеясын конкреттештирген. Гегемония идеясы марксизмдин өзөк жоболорунун бири экенин белгилеп, бурж. демокр. рев-яда пролетариаттын жетекчилиги ал рев-ячыл жеңип чыгышын камсыз кылат ж-а соц. рев-яга айланышына оболго түзөт деп көрсөткөн. 20-к-дын башында с.-д. партияларда пролетариат калктын көнчүлүгүнө айланса гана социализмдин жеңишине шарт түзүлөт деген жобо тараган. В. И. Ленин пролетариат калктын азчылыгын түзгөн күндө да зор күчкө ээ болорун, коммунисттик партиянын жетекчилигин м-н эзилген калкты өз тегерегине баш коштурарын, буржуазияны жеңүүгө жарай турганын баса белгилеген. П. г. теориясын В. И. Ленин меньшевиктерге, троцкийчилерге каршы идеялык күрөштө өөрчүткөн. П. г. теориясы Россиядагы 1905—07-жылкы рев-яда, 1917-жылкы Февр. рев-ясында, өзгөчө Окт. рев-ясында ж-а 20-к-дын орто чениндеги демокр. рев-яларда өз чындыгын далилдеген. *Пролетариат диктатурасы* П. г-нын жаңы формасы болуп, соц. заманда жумушчу табы эң алдыңкы ж-а уюшкан күч катары коомду мамл. башкарууну жүзөгө ашырат. Жумушчу табы коммунизм куруу мезгилинде (пролетариат диктатурасы жалпы элдик мамлекетке айланган учурда) да өзүнүн жетекчи ролун сактайт. Эл аралык жумушчу табы ж-а дүйнөлүк соц. система бүткүл дүйнөлүк антиимпер. күрөштө жетекчи болуу м-н бирге, ал күрөшкө эл аралык машштабда жетекчилик кылууда. Азыркы учурда ар кандай өңүттүү баскычында турган өлкөлөрдөгү жумушчу табы гегемондук абалда социалдык өзгүрө каршы күрөш жүргүзүүдө. Бул күрөш өңүккөн капит. өлкөлөрдө демократия ж-а социализм үчүн, о. эле антимонополисттик мүнөздө, ал эми өөрчүп келе жаткан өлкөлөрдө империализмге ж-а феодализмге каршы мүнөздө жүрүп жатат. Антикоммунисттер индустриясы өнүккөн өлкөлөрдө социалдык күрөшкө дыйкандар гегемон (жетекчи) болот деп, дегинкисини айтканда, П. г. орус пролетариатынын Октябрь жана социалисттик революциянын жеңишүүсүнө гана тиешелүү көрүнүш деп айтышат. Майда бурж. экстремисттер да дүйн. рев-ячыл кыймылдагы эл аралык жумушчу табынын жетекчи ролун танышат. Коммунисттер буга өкпөгөн теорияларды ж-а аракеттерди чечкиндүү сынга алышат. Импер. мамлекеттердеги жумушчу табы тап күрөшүндө жетекчи боло аларын, соц. ж-а демокр. идеалдар үчүн чечкиндүү иштерге даяр экендигин, азыркы жаңы шартта кеңири массаны артынан ээрчите ала турганын көрсөтүүдө. Жумушчу табынын жетекчи ролу эл массасынын бошт. күрөшүндөгү ийгиликтин зарыл шарты экендигин тарыхый тажрыйба далилдеген.

Ад.: Маркс К., Энгельс Ф., Коммунисттик партиянын манифести, Фр., 1975; Ленин В. И., Эмне кылуу керек? Чыг., кырг. 1-бас., 5-т.; ошонуку, Европа Кошмо Штаттарынын урааны жөнүндө, ошондо, 21-т.; ошонуку, Империализм капитализмдин жогорку стадиясы, ошондо, 22-т.; ошонуку, Мамлекет жана революция, ошондо, 25-т.; Великий Октябрь и мировой революционный процесс, М., 1967; Ленинизм и мировое революционное движение, М., 1969; Международное коммунистическое движение. Очерк стратегии и тактики, М., 1970; Международное рабочее движение, 1970, М., 1971.

ПРОЛЕТАРИАТ ДИКТАТУРАСЫ — жумушчу табынын бийлиги. Бул бийлик *социалисттик революциянын* натыйжасында орнотулуп, социализмди куруу ж-а коммунисттик курулушка өтүү максатын көөт. Бийликтин «П. д.» деп аталыш себеби: коомдогу ж-а мамлекеттеги жетекчи абал маркстик-лениндик партия башчылык кылган жумушчу табына таандык. Ал эмгекчилерге кеңири демократия берет, зарыл болсо эзүүчү таптын ж-а социализмге жат элементтердин каршылыгын ойрондоо үчүн күч колдонот. П. д. ж-догу окуу — таптар ж-а тап күрөшүнүн маркстик-лениндик теориясынын уландысы. К. Маркс м-н Ф. Энгельс таптык карама-каршылыктарды элдештирүүгө ж-а боёмолоого аракет кылган майда бурж. агымдарга, о. эле ар кандай мамл. түзүлүштү кыйратууга чакырган анархисттерге каршы күрөшкөн; жаңы коомду куруу үчүн пролетариаттын саясий бийликти жеңип алышы керек экенин белгилешкен; 1848—49-ж. Германиядагы рев-яның, 1871-ж. *Париж Коммунасынын* тажрыйбасына таянышып, бурж. мамл. машинаны кыйратуу зарылдыгын көрсөтүп, пролетариат бийлигинин өзгөчөлүгүн ж-а негизги белгилерин аныкташкан; капитализмден коммунизмге өтүү мезгили — саясий өтмө доор, ал эми оңол доордун мамл. түзүлүшү пролетариаттын рев-ячыл диктатурасы болоруна көрсөтүшкөн (Маркс К., Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 19, с. 27). П. д. ж-догу маркстик окууну В. И. Ленин империализм ж-а пролетар рев-ясы доорунда чыг-лык м-н өңүктүргөн. В. И. Ленин П. д. жумушчу табы м-н дыйкан ж. б. эзилген массалардын союзунун өзгөчө

формасы экенин белгилеп, жумушчу табынын мамлекетинин жаңы формасын — Советтерди ачкан; П. д-ндагы уюмдардын ж-а ал системадагы коммунисттик партиянын жетекчилик ролу, П. д-ның формасының ар түрдүүлүгү ж-до маселелерди иштеп чыккан. П. д-н орнотуу зарылдыгы ж-догу жобо биринчи жолу РСДРПнин 2-съездинде кабыл алган Программада (1903) бекитилген. П. д. ж-догу маркстик-лениндик окуунун тууралыгы түгүч соц. өлкө — Сов. Союзунун тажрыйбасында далилденип, жаңы идеялар, тыянактар м-н толукталды.

П. д. теориясын өнүктүрүүнүн жаңы тилкеси экинчи дүйн. согуштан (1939—1945) кийин башталды. Европанын, Азиянын бир катар өлкөсүндө жумушчу табы демокр. күчтөрдүн кеңири катмары м-н биргелешип жеңишке жетишти. Бул тажрыйбалар КПССтин 20—25-съездеринин материалдарында, КПСС Программасында, коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын документтеринде жалпыланган. Коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын өкүлдөрүнүн 1957-жылдагы кеңешмесинин декларациясында П. д. соц. рев-ясын ж-а социализмди куруунун жалпы закон ченеми катары мүнөздөлгөн.

П. д. ж-догу маркстик-лениндик окуу өчүл ж-а «солчул» — оппортунизмге каршы айгышкан күрөштө калыпка салынган. «Таптык күрөштү таануунун пролетариат диктатурасын таануунун чейин жайылткан адам гана марксист болуп саналат,—деп жазган В. И. Ленин.— Кадимки майда буржуадан (ал турмак ири буржуадан да) марксисттин эң терең айырмасы мына ушунда» (Чыг., кырг. 1-бас., 25-т., 462-б.). Капитализмден социализмге өтүүдө П. д-ның ролун танган реформачыларга ж-а өчүл ревизиячыларга каршы күрөшкөн маркчылар-ленинчилер жумушчу табынын П. д-сыз социализмди курушу мүмкүн эмес деп эсептешет. Ошону м-н бирге марксизм-ленинизм П. д-на догма катары карооого, вульгардык мамиле кылууга, социализмден коммунизмге өтүүдө зордук-зомбулуктун ролун ашыра баалоого, соц. демократияны өнүктүрүү зарылдыгын таназар албоого каршы чыгат. П. д-ның мүнөз м-н белгилери социализмди куруу милдеттери м-н аныкталат. Ал милдеттер: экон. тармакта — жеке менчикти жоюп, өндүрүштү пландуу жүргүзүү; калктын материалдык деңгээлин камсыз кылуу; социалдык мамиле тармагында — эзүүчү таптарды, адамды адам эзүү мүмкүнчүлүгүн жоюу; саясий тармакта — мамлекетти ж-а жумушчу табы м-н дыйкандардын союзун чыңдоо; коомдук иштерди башкарууга эл массасынын кеңири катмарын тартуу; пролетардык демократияны андан ары өнүктүрүү; согуштук тармакта — коргонуу кубатын ж-а куралдуу күчтү чыңоо.

Жумушчу табы салсий ж-а коомдук уюмдар аркылуу бийлик жүргүзөт. Бул уюмдарга мамлекет, саясий партия, профсоюз, жаштар уюму ж. б. кирет. П. д-ның системасында жетектөөчү күч — жумушчу табынын маркстик-лениндик партиясы. Жумушчу табы бийликти жеңип алгандан кийин капит. түзүлүштүн калдыктарына, эски салт, адат, көз караштарга каршы күрөшөт. «Темирдей бекем жана күрөштө такшалган партиясыз, белгилүү бир таптын ичиндеги бардык ак ниеттүүлөрдүн ишеничинен пайдалануучу партиясыз, массанын маанайын байкап, ага таасирин тийгизүүнү биле турган партиясыз мындай күрөштү ийгиликтүү түрдө жүргүзүү мүмкүн эмес»,— деп көрсөткөн В. И. Ленин (Чыг., кырг. 1-бас., 31-т., 31-б.). Жумушчу табынын бийлигинин биринчи тарыхый формасы — Париж Коммунасы. Россияда Окт. рев-ясынын натыйжасында Жумушчу-дыйкан советтери түзүлдү. Бул — П. д-ның жаңы формасы. П. д-ның экинчи дүйн. согуштан кийин пайда болгон дагы бир жаңы формасы — *элдик демократия*.

Социализмди куруу ж-а коммунизмге өтүү жумушчу табынын милдеттерин, иш формаларын ж-а методдорун өзгөртүүгө алып келет. Соц. рев-ясын натыйжасында пайда болгон П. д. социализмди куруунун дүйн. тарыхый маанисин ээ. Ошону м-н бирге социализмди куруу процессинде ал бир топ өзгөрүүгө дуушар болот. Эзүүчү тап тигил же бул өлкөдө жоюлгандан кийин П. д. күч колдонуунун аяктап, соц. коомдун эмгекчилеринин жалпы элдик уюмуна айланат. Ички өнүгүү б-ча алганда Сов. Союзунда П. д.— жалпы элдик соц. мамлекетке, пролетариат демократиясы жалпы элдик соц. демократияга айланды. Бул жобо КПССтин Программасында (1961) биринчи жолу иштелип чыккан. Коммунисттик партия башында турган жумушчу табынын жетекчилик ролу коммунизмге өтүү доорунда да сакталат. Таптар жоюлганда ж-а коммунизм толук курулганда гана жумушчу табы өзүнүн жетекчи ролун аяктайт.

Ад.: Маркс К., Энгельс Ф., Немецкая идеология, Соч., 2. изд., т. 3; Маркс К., Нищета философии, там же, т. 4, гл. 2, § 5; его же, Гражданская война во Франции, там же; Ленин В. И., Маркс, Энгельс, марксизм, Фр., 1950; ошонуку, Мамлекет жана революция, Чыг., кырг. 1-бас., 25-т.; ошонуку, Азыркы кездеги саясий абал жөнүндө тезистер, ошондо, 27-т.; ошонуку, Пролетардык революция жана ренегат Каутский, ошондо, 28-т.; ошонуку, Пролетариаттын үшүл азырыкы революциядагы милдеттери жөнүндө, ошондо, 24-т.; ошонуку, «Демократия» жана диктатура жөнүндө, ошондо, 28-т.; ошонуку, Мамлекет жөнүндө, ошондо, 29-т.; ошонуку, Пролетариат диктатурасы жөнүндө, ошондо, 30-т.; ошонуку, Пролетариат диктатурасы доорундагы экономика жана саясат, ошондо, 30-т.; Коммунисттик жана жумушчу партиялардын эл аралык кеңешмеси, Фр., 1969; Марксизм-ленинизм негиздери, Фр., 1962; Илимий коммунизмдин негиздери, Фр., 1970; Брежнев Л. И., Ленинди жол менен, 1—2-т., Фр., 1971; Суслов М. А., Эл аралык коммунисттик кыймылды баш коштуруу үчүн КПССтин күрөшү жөнүндө, Фр., 1964.

«ПРОЛЕТАРИАТ ДИКТАТУРАСЫ ДООРУНДАГЫ ЭКОНОМИКА ЖАНА САЯСАТ» — В. И. Ленин капитализмден социализмге өтүү мезгилиндеги пролетариат мамлекеттин экономикасы м-н саясатынын башкы принциптери ил. негизде чагылдырылган макаласы. 1919-ж. октябрда жазылып, ноябрда «Правда» газетасына жарыяланган. Макалада капитализм м-н коммунизмдин ортосунда бүтүндөй тарыхый доор бар экендиги ж-до маркстик корутунду келтирилет. Ушул өтмө мезгилде ар түрдүү өлкөлөрдүн өнүгүшүндө жалпы ж-а өзгөчө белгилер орун ала тургандыгы туурасындагы лениндик жобо зор мааниге ээ. Ар өлкөнүн бөтөнчөлүгүн көрсөтүү м-н В. И. Ленин Россиядагы майда дыйкан чарбаларын капитализмдин чордону — чың базасы катары баса белгилейт. Андан кийин дыйкандарга карата пролетариат диктатурасынын милдеттерин дааналайт. Макаланын акырында пролетариат диктатурасы учурунда таптардын өз ара мамилесиндеги, алардын абалындагы өзгөрүүлөргө терең ил. мүнөздөмө берилет.

ПРОЛЕТАРИАТ МЕНЕН ДЫЙКАНДАРДЫН РЕВОЛЮЦИЯЧЫЛ-ДЕМОКРАТИЯЛЫК ДИКТАТУРАСЫ — жумушчу табы гегемондук кылган демокр. рев-ясын жеңишинен улам орноочу өткөөл мүнөздөгү мамл. бийликтин тиби (к. *Пролетариат гегемониясы*). Диктатуранын мындай түрү ж-догу идеяны В. И. Ленин империализм доорундагы бурж.-демокр. рев-ясын өнүгүү өзгөчөлүгүн талдоонун негизинде чыгарган. В. И. Ленин Россиядагы 1905—07-жылкы рев-я учурундагы тан күчтөрүнүн жайгашуусун мүнөздөй келип, рев-ячыл күрөштүн алдыңкы майданына жумушчу табы чыккан жаңы шартта буржуазия мурдагы рев-ячылдыгын жоготорун, ал эми агрардык маселенин курчтугу дыйкан калкын терең демокр. төңкөрүшкө түртөрүн белгилеген. Демокр. рев-ясын жеңиштерин бекемдөөнүн ж-а аягына жеткирүүнүн куралы болгон бул диктатура өз милдеттерин чечүү үчүн терең социалдык-экон. ж-а саясий өзгөртүүлөрдү жүргүзүү (ири ө. ж. тармактарын, банктарды мамлекеттештирүү, агрардык реформаларды ишке ашыруу, коомдук турмуштун түрдүү жактарын демократташтыруу) маселесин талап кылат. Бул иш чаралар ири капиталдын таасирин ж-а мүмкүндүгүн кескин чектеп, демокр. рев-ядан соц. рев-яга өтүү үчүн оболго түзөт. Диктатура жалпы демокр. милдеттерди чечкенде гана пролетариат м-н дыйкандар, шаардык орто катмар бириет. Мында бурж. элементтер рев-ясын кулач жайышын чектөөго тырышат. Ал эми эмгекчилердин көпчүлүгү соц. өзгөрүүлөрдү ишке ашыруу үчүн пролетариаттын айланасына баш кошот. Демокр. рев-яда жумушчу табынын гегемониясы пролетариат диктатурасынын орношунда негизги күч болоруп, ошондой кырдаал саясий бийликти жеңип алуунун башталышы экенин В. И. Ленин белгилеген.

Экинчи дүйн. согуштан (1939—45) кийин өткөөл бийликтин рев-ячыл-демокр. тиби Европа ж-а Азиянын бир топ өлкөсүндө элдик-демокр. рев-ясын ж-а улуттук-демокр. рев-ясын биринчи этабы болгон. Азыркы мезгилде бир топ капит. өлкөдө маркчыл-ленинчил партиялар рев-ячыл-демокр. мамлекет ж-догу лениндик идеяга таянып, демокр. союз мамлекетин түзүүгө, монополияга каршы демократияны орнотууга, социализм үчүн күрөшкө ыңгайлуу шарт түзүүчү ж-а терең демокр. кайра куруулардын камсыз кылуучу солчул күчтөр блогунун бийлигин орнотууга багыт алууда.

Ад. к. *Буржуазиялык революция, Социалисттик революция* макалаларынан.

ПРОЛЕТАРИПЛЕР (лат. proles — укум-тукум дегенден) — 1) Байыркы Римде Сервий Туллийдин реформасы б-ча рим жамаатындагы беш тапка кирбеген граждандар. П. барыл учурда аскерге чакырылган. Респ-ка ж-а империя мезгилинде П. таптык маанисин жоготкон коомдук катмар — люмпен-пролетарлар катары мамлекет м-н байлардын эсебинен жашаган. 2) Капит. коомдо жалданма жумушчулардын табы (к. *Жумушчу табы*).

«ПРОЛЕТАРИЙ» РЕДАКЦИЯСЫНЫН КЕҢИРИ КЕҢЕШМЕСИ — Большевиктик борбор жерг. уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусу м-н 1909-ж. 8—17 (21—30)-июнда Парижде откөргөн пленардык кеңешмеси. Кеңешмеге В. И. Ленин башында турган «Пролетарий» редакциясынын мүчөлөрү (Г. Е. Зиновьев, И. Ф. Дубровинский ж. б.), Петербургдан, Москва обл. уюмдардан, Уралдан келген өкүлдөр, РСДРП БКнын Орус бюросунун секретары А. П. Голубков, 3-Мамл. думанын депутаты Н. Г. Полетаев ж-а Н. К. Крупская катышкан. Кеңешме В. И. Ленинди демилгеси б-ча чакырылып, жетекчилиги м-н өткөн. Анда отзовизм, ультиматизм, кудай жасоочулук марксизмден кол үзгөн агым катары ашкереленип, большевиктерди ошол агымдарга каршы өлдешпес күрөш жүргүзүүгө чакырган. Марксизм философиясын ревизиялоого аракеттенгендер м-н күрөшүү «Пролетарий» редакциясына тапшырылган. Кеңешме фракциячыл Капри мектебин айыптап, Большевиктик борбордун меньшевик-партиячылар м-н жакындашуу багыты туура экенин кубаттаган. Кеңешмеде бардык парт. топтор м-н жакындашуу, жалпы парт. конф-яны ж-а съездди чакыруу маселеси тездетүү белгиленген. Кеңешменин чечимине баш ийбегендигине байланыштуу А. Д. Богданов большевикчил уюмдан чыгарылган. В. И. Ленин даярдаган ж-а кеңешме кабыл алган рез-я РСДРПнин 5-съездинин чечимин (Мамл. дума трибунасын большевиктердин пайдаланышы тууралуу) бекиткен, жумушчу табынын бардык жарым легалдык ж-а легалдык уюмдарын с.-д. агитация-пропагандаын ж-а уюмдаштыруунун таянычына айландырууну белгилеген. Кеңешме Большевиктик борборду кайра түзүү ж-до чечим кабыл алган.

Ад.: КПСС в резолюциях и решениях съездов, конференций и пленумов ЦК, 8 изд., т. 1, М., 1970; Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын тарыхы, Фр., 1971.

«ПРОЛЕТАР РЕВОЛЮЦИЯСЫ ЖАНА РЕНЕГАТ КАУТСКИЙ» — В. И. Ленинди эмгеги. Анда соц. рев-я ж-а пролетариат диктатурасы ж-догу марксчыл окуу өнүктүрүлүп, 2-Интернационалдын жетекчилеринин бири К. Каутскийдин оппортун. көз карашы ашкереленген. 1918-ж. окт.— ноябрда жазылып, ошол эле жылы басылып чыккан. В. И. Ленин Каутскийдин 1918-ж. Венада чыккан «Пролетариат диктатурасы» китепчесин катуу сынга алып, анын автору марксизмге ж-а пролетариаттын ишине чыккынчылык кылганын, Маркстын пролетариат диктатурасы ж-догу окуусунан толук баш тарткандын ж-а Россиядагы соц. рев-ясын тажрыйбасын бурмалаганын ашкереленген. Орус меньшевиктериндей эле Каутский пролетариат диктатурасынын мамл. формасы — Советтердин ролун танган, большевиктер партиясынын дыйкандарга карата саясатына каршы чыккан. Ал Улуу Окт. соц. рев-ясын даярдоодо ж-а ишке ашырууда большевиктер партиясынын күрөш тарыхын бурмалаган. Совет мамлекетин куруу тажрыйбасын жыйынтыктап, В. И. Ленин Советтер ж-а пролетариат диктатурасы ж-догу окуунун өнүктүргөн, сов. пролетардык демократиянын чыныгы элдик мүнөзүн ачып, кулатылган эзүүчү таптарга пролетариаттын рев-ячыл кысымы коректигин далилдеген; бурж. демократияны жактаган тоболдордун, алардын 2-Интернационалдагы жан жөкөрлөрүнүн бетин ачкан; эки жүздүү бурж. демократияга пролетардык Совет мамлекетинин чыныгы демократиясын каршы коюп, пролетариат диктатурасынын формаларынын бири болгон Советтердин дүйн. тарыхый маанисин ачып көрсөткөн; мамл. курулушта эл массасынын рев-ячыл күч-кубаты м-н чыгылыгын, демилгесин баса белгилеген. В. И. Ленин большевиктер партиясынын саясаты Улуу Окт. соц. рев-ясын даярдоодо ж-а ишке ашырууда, Биринчи дүйн. согуш мезгилинде эмгекчилердин мүдөөсүнө төп келген бирден бир туура саясат экенин көрсөткөн. Анын тууралыгын Россияда пролетариаттын жеңиши далилдеди. Батыш Европанын с.-д. партияларындагы оппортунисттер м-н центристтердин ашкере күнөөсү — өз өлкөсүндөгү импер. өкмөттү колдогонунда. Большевиктер партиясы дыйкандар м-н жумушчулардын союзун түзүп, эл массасын Россиядагы падышачылык м-н буржуазияны кулатууга түп көтөргөн марксчыл туура тактика жүргүзгөн. Ал тактика м-н саясат пролетардык интернационализмдин тактикасы да болгон. Улуу Окт. соц. рев-ясынын таасири м-н Батыш Европанын пролетар массасы рев-я тарапка тез ыктап, оппортунист жол башчылардын таасиринен чыга баштаган. 2-Интернационал кыйрап, марксизм-ленинизмдин идеялык, программалык, уюштуруу ж-а тактикалык негизинде коммунисттик 3-Интернационалды түзүү шарттары жетилген. В. И. Ленинди бул эмгеги — марксизм-ленинизмдин идеялык казынасына кошкон баалуу салым. 1973-ж. январда чейин ал СССРде 38 тилде 3360 миң нускада 116 жолу, чет мамлекеттерде 1970-жылга чейин 106 жолу басылып чыккан.

Ад.: Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 28-т.; История КПСС, т. 3, кн. 2, М., 1968.

«ПРОЛЕТАР РЕВОЛЮЦИЯСЫНЫН СОГУШ ПРОГРАММАСЫ» — В. И. Ленинди макаласы. Анда соц. рев-ясын марксчыл теориясы өнүктүрүлүп, империализм доорундагы жумушчу табынын рев-ялык күрөшүнүн өнүгүшү көрсөтүлгөн. Макала 1916-ж. сентябрда немец тилинде жазылып, 1917-ж. басылган. Мында В. И. Ленин «Европа Кошмо Штаттарынын ураанын жөнүндө» (1915) макаласындагы аныктамасын андан ары төрендетип: «Капитализмдин өнүгүшү эң жогорку даражада ар түрдүү өлкөлөрдө бирдей өнүкпөйт. Товардык өндүрүштүн убагында башкача болушу да мүмкүн эмес. Мындан: социализм... бардык өлкөлөрдө бир мезгилде жеңип чыга албайт деген талапсыз корутунду келип чыгат. Ал эң оболу бир өлкөдө же бир нече өлкөдө жеңип чыгат, ал эми калган өлкөлөр болсо, бир канча убакытка чейин буржуазиялык же буржуазия даражасына жете элек өлкөлөр болуп кала берет»,— деп жазган (Чыг., кырг. 1-бас., 23-т., 83-б.). Империализм шартындагы марксизмдин жаңы жобосун ачып, соц. мамлекетти коргоо, импер. агрессияга каршы соц. өлкөлөрдүн коргонуу согушунун адилеттүүлүгү ж-догу жобого негиз салган. Импер. согушта эл массасын «ата мекенди коргоого» чакырган каутскийчилерди ашкерелеп, маркчылар империализмдин эзүүсүнөн кутулуу үчүн күрөшкөн адилеттүү улуттук-бошт. согуштарды колдой турганын көрсөткөн. Макалада куралсыздануу маселесине конкреттүү тарыхый мамиле жасоонун зарылдыгы айтылган. Бул эмгек — маркстик рев-ячыл теориянын чыг-лык м-н өнүктүрүүнүн үлгүсү. Эл аралык коммунисттик ж-а жумушчу партиялар В. И. Ленинди

тыянактарын өз иштеринин шарттарына ылайыктуу колдонууда.

Ад.: Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 23-т.

ПРОЛЕТКУЛЬТ (орусча пролетарская культура — пролетариат маданияты дегенден) — Улуу Окт. соц. рев-ясы болор алдында түзүлүп, 1917—20-ж. өөрчүгөн адабий-корком ж-а маданий-агартуучул уюм. Жумушчулардын өз демилгелүү чыг-лыгын өөрчүтүү м-н пролетариат мад-тын жаратуу ураанын көтөрүп чыккан ж-а бул багытта иштер алып барган. 1920-ж. П. уюмдарында 400 миңдей мүчөсү болуп, 20дай журнал чыгып турган.

П-тун ишт карама-каршылыктуу болгон. Анын теоретиктери ленинизмге жат эстетикалык принциптерди пропагандалашкан; өткөндөн мураска калган мад-тка карата кескин нигилисттик позицияда турушкан; маркстик-лениндик эстетикага чатташуулар киргизишип, корком практикага терс таасир тийгизген. П-чулардын көпчүлүк көз караштары мад-т курулушунун лениндик принциптерине шайкеш келбегендиктен басма сөздө олутуу талкууга алынган. РКЖСтин 3-съездиндеги В. И. Лениндин сөзүндө ж-а РКП(б) БКнын «Пролеткульт жөнүндөгү» (1920, 1-дек.) катында П-тун теориялык принциптери сынга алынып, төгүндөлгөн. 1925-ж. П. профсоюздардын карамагына өтүп, 1932-ж. «Адабий-корком уюмдарды кайра куруу жөнүндөгү» ВКП(б) БКнын токтому м-н бироголо жоюлган.

Ад.: Ленин В. И., О литературе и искусстве, 5 изд., М., 1976; Горбунов В., Ленин и социалистическая культура, М., 1972; его же, В. И. Ленин и Пролеткульт, М., 1974.

ПРОЛОГ (гр. prólogos — кириш сөз дегенден) — корком чыгарманын башында автордук ой м-н тааныштырган же чыгармадагы окуянын келип чыгыш себептерин баяндаган кириш болүм. П., маселен, орус ад-тында А. С. Пушкиндин «Жез атчан», кыргыз ад-тында Т. Үмөталиевдин «Жылдыз» аттуу поэмасынан даана байкалат. «Манас» эпосунун киришүү деген болүгү да П. үлгүсүнө жатат.

ПРОЛЮВИЙ (лат. proluo — агызам) — тоо тек сыныкчаларын, үбөлөндүсүн кыян агызып, тоо этегине чогултуудан пайда болгон борпоң чөкмө. Экөйгөшкө аккан түрдүү составдагы тоо тек сыныкчалары конус формасындагы шлендинди түзөт. Көпүстүн бийик болүгү кесек (шагыл, галька), этек жагы майда бүртүкчөлүү (кум, чопо) материалдан турат. Терминди орус геологу А. П. Павлов сунуш кылган (1903).

ПРОМЕДОЛ — ооруну басаңдатуучу дары. Ал синтет. жол м-н алынып, морфиндин ордуна колдонулат. П. ооруну басаңдатуучу ж-а жылма булчуңдардын жыйрылуусун жазма таасири бар. Эритме ж-а таблетка түрүндө колдонулат.

ПРОМЕТЕЙ — байыркы грек мифологиясындагы кудайлардын каарынан элди коргогон *титан*. Мифтин эзелки бир версиясына караганда, П. Олимптен от уурдап, элге берип коёт. Бул иши үчүн ал Зевстин буйругу м-н аскага кадалып, күйөө же күн алыс учуп келип, П-дин боорун чокуп жеп кетип турат; а боор болсо кайра жаңырып өсө берет. Ошентип бул күйөө жүздөгөн жылдардан 30 миң жылга, б. а. Геракл бүркүттү жаа м-н атып, П-ди бошотконго чейин созулат. П. ж-дөгү миф негизинде Эсхил «Кадалган Прометей» аттуу трагедия жазган. П-дин образы кийинки доорлордун поэзиясында (Ж. Байрон, П. Б. Шелли, Н. П. Огарёв, Т. Шевченко ж. б.), музыкада (Ф. Лист, А. Н. Скрябин ж. б.), корком сүрөт өнөрүндө (Тициан, Ф. Г. Гордеев ж. б.) да өөрчүтүлгөн ж-а жаңы мотивдер м-н байыган.

Ад.: Нусинов И. М., История образа Прометея, в его кн.: История литературного героя, М., 1958.

ПРОМЕТИЙ (лат. Prometium), Pm — Менделеевдин мезгилдик системасынын III тобундагы радиоактивдүү хим. элемент, ат. н. 61. *Лантаноиддерге* кирет. П-дин массалык саны 141—154 болгон 16 изотобу бар, туруктуусу ^{145}Pm, маанилүүсү ^{147}Pm. П-ди 1945-ж. амер. илимпоздор Ж. Маринский, Л. Гленденин ж. б. ачышкан. 1968-ж. П. уран рудаларынан байкалган. Ал — металл, тыгыз. 7,26 *г/см*^{3}, кайноо t 1080°С. Кошулмаларында 3 валенттүү. Анын суу кычкылы $Pm(OH)_3$, кычкылы Pm_2O_3, хлориди $PmCl_3$, фториди PmF_3, нитраты $Pm(NO_3)_3$ ж. б. бирикмелери белгилүү. ^{147}Pm ядролук реакторлордо ^{235}Uдын ажырашынан алынат. Анын негизинде көпкө иштөөчү, кичинекей атом батареяларын жасоого болот. Анын β-нурунун таасири м-н кээ бир материалдардын калыңдыгы өлчөнөт.

ПРОПАГАНДА (лат. propago — жайылтам дегенден) — коомдук аң-сезимге сиңирүү ж-а көпчүлүктүн практикалык иш-аракетин жандандыруу максатында эл арасына саясий, филос., ил., корком ж. б. көз караштарды ж-а идеяларды жайылтуу. П. процесси үч элементтен турат: 1) П-нын субъекти—өкүл П. аркылуу түзүлгөн мүдөөсү туюнтулган социалдык топ; 2) П-нын мазмуну, формалары ж-а методдору, каражаттары — басма сөз, телекөрсөтүү, радио, лекция ж. б.; 3) П-нын объекти — П. адрестелген аудитория (адамдар).

Тар мааниде П. деп көбүнчө саясий же идеол. П-ны билебиз. Саясий П. анын эсепнин (субъектинин) көз караштарын, идеяларын, теорияларын эл арасына таратат. Саясий П-нын өзөгү — таптык *идеология*. Азыркы дүйнөдө П-нын бири бирине кас эки түрү бар. Алар — бурж. П. ж-а коммунисттик П.

Эксплуататордук коомдо П-ны үстөмдүк кылган тап өз мүдөөсүнө жалпы жүртчулуктун орток мүдөөсү катары көрсөтүп үчүн, калктын катмарына озуңун тамтык көз караштарын, жалган идеялар менен теорияларды, бурмаланган информацияны тацуулап үчүн пайдаланат. Монополисттик буржуазиянын ж-а бурж. мамлекеттин карамагында басма сөз, радио үктүрүү, телекөрсөтүү ж. б. бурж. П. үчүн кызмат кылат.

Бурж. П-га коммунисттик П. каршы турат. Анын негизги жоболорун К. Маркс м-н Ф. Энгельс иштен чыгып, В. И. Ленин өөрчүткөн. Коммунисттик П.— рухий иш-аракеттин ил. жактан негизделген системасы. Бул системаны коммунисттик партия иштен чыгат. П-лоо учурунда көпчүлүк элди агартуу, тарбиялоо, уюштуруу максатында маркстик-лениндик идеология ж-а саясат жайылтылат. Коммунисттик П-нын негизги принциптери: пукура илимге негизделгендик, партиялуулук, турмуш м-н тыгыз байланышы бардык, П-лык ж-а уюштуруучулук иштин биримдиги. Коммунисттик П-нын коомдук милдеттери: коммунисттик партиянын жумушчу табы ж-а бардык эмгекчилер м-н байланышы; илимий социализмди, партиянын идеялык-теориялык иштин жумушчу кыймылы ж-а көпчүлүктүн рев-ялык өзгөрткүч иш-аракети м-н айкалыштыруу; социализм учурунда коомдогу бардык таптардын, улуттардын ж-а социалдык топтордун системалуу пикир алмашуусун камсыз кылуу; жумушчу табынын, жалпы эмгекчилердин коомдук ой-пикирин, муктаждыктарын ж-а мүдөөлөрүн туюнтуу; бурж. ж-а ревизионисттик П-нын ушактарын, жалган түшүнүктөрүн ашкерелөө; соц. коом ж-дөгү чындыкты жайылтуу.

Коммунисттик П-нын уюштуруучусу — коммунисттик партия, соц. мамлекет, эмгекчилердин коомдук уюмдары. Ал социализм ж-а коммунизм үчүн ар бир кишинин практикалык күрөшө үндөйт. П. м-н *агитация* — ил. социализм идеяларын таратуунун өз алдынча эки фазасы. П. идеологиянын негизги мазмунун билдирген ил. теорияны ж-а идеяны таратса, агитация практикалык иштин актуалдуу идеяларынын бирин жеткиликтүү түрдө баяндайт. Коммунисттик П. рухий муктаждыкты, кызыкчылыкты, коомдук ой-пикирди, массанын көңүлүн, объективдүү шарттарды ж-а П. таасирининн натыйжасында ушул факторлордун өзгөрүшүн изилдейт. П-нын натыйжалуулугунун бир шарты — жайылтуучу билимди, идеяны, көз карашты массанын практикалык иш-аракети м-н байланыштырып бекемдөөдө. Ошондуктан конкреттүүлүк, социалдык турмушту объективдүү талдоо, жетишкендиктерди реалдуу көрсөтүп, кемчиликтерди сындоо — парт. П-нын негизги принциптери.

Коммунисттик П-нын негизги милдети — эмгекчилердин маркчыл-ленинчил көз карашын, идеялык-саясий жог. сапатын, аларда коммунисттик мораль нормаларынын, коомдук аң-сезимдүү мамилenин болушун калыпка салуу (к. *Партиялык агартуу*). Ушул максатты ишке ашыруу — П-нын натыйжалуулугунун жалпы критерийи, ал эми аның жалпы көрсөткүчү — массанын социалдык активдүүлүгүнүн деңгээли.

Ад.: Ленин В. И., Эмне кылуу керек? Кыймылдыгыздын чечүүчү талап кылган маселелери, Чыг., кырг. 1-бас., 5-т.; Степанов В. И., Партийной пропаганде—научные основы, М., 1967; Вопросы теории и практики партийной пропаганды, М., 1971.

ПРОПАН, $CH_3—CH_2—CH_3$ — каныккан углеводород. Түссүз, жытсыз күйүүчү газ, эрүү t — 187,7°С, кайноо t — 42,1°С. П. жаратылыш ж-а нефть газдарынын, СО ж-а H_2ден алынган газдардын составында болот. Өндүрүштө П-ды катализдик дегидрлоодон пропилен, нитрлоодон нитрометан алынат. П. эриткич катары бутан м-н аралашмасы тиричиликте колдонулат.

ПРОПИЛЕН, пропен, $CH_3—CH=CH_2$—каныкпаган углеводород. Түссүз, бир аз жыты бар күйүүчү газ. Эрүү t — 185°С, кайноо t — 47,7°С. Өндүрүштө П. нефть фракциясын пиролиздоо ж-а пропанды катализдөөдүн таасири м-н дегидрлоодон алынат. Ал — о. ж-да эң негизги хим. сырьёнун бири. П. глицерин, акролеин, акрилонитрил, ацетон, фенол ж. б-ны алууда пайдаланылат. П. м-н формальдегиддин аракеттенишинен бутадиен пайда болот. П-ди полимерлоодон полипропилен алынат. П-ден синтезделген продуктулар пластмасса, каучук ондүрүүдө, кир кетирүүчү заттарды, мотор отундарын, эриткичтерди ж. б. алууда колдонулат.

ПРОПИЛЕН КЫЧКЫЛЫ, $CH_3—CH—CH_2$ (O) — тунук суюктук, эрүү t — 104,4°С, кайноо t 34,5—34,9°С. Орг. эриткичтерде, сууда жакшы эрийт. Хим. активдүү бирикме. Өндүрүштө пропиленди гипохлордон, аны андан ары кычкылдандыруудан алынат. П. к. эриткичтерди, майлагыч май эмульгаторду ж. б. синтездоодо чала продукт ж-а фумигант катары колдонулат.

ПРОПОЛИС (гр. própolis), а а р ы ж е л и м и — бал аарысы чогаруучу жыттуу, чайырлуу, желимдүү зат. П. сары же күрөң түстө, даамы ачуу, илээшкек болот. Ал көпкө сакталса, кара күрөң, жашыл сымал түстүү болуп, катып калат. Аарылар П-ти мом м-н көшө бал челегинин жыртыктарын бүтөөгө, уячасын жылмалаганга, балдын агуусун азайтууга ж-а уяга курт-кумурска, зыянкеч түшсө, аларды өлтүрүүгө керектейт. Хим. составы П. жыйналган осумдүктүн түрүнө жараша болот. Ал 50—55% өсүмдүк чайырынан, 8—10% эфир майынан, 30% момдон турат. Момдуу П. накта момдон өзгөчө жыты ж-а жумшактыгы м-н айырмаланат. П. бал челектен жыйналып, даярдоо пунктуна тапшырылып, андан фармакология заводуна жеткирилет. П. медицинада, ветеринарияда дары катары пайдаланылат.

ПРОПОРЦИЯ (лат. proportio — катыш, өлчөмдө) математикада — *a*, *b*, *c*, *d* төрт чоңдуктун экиден катыштарынын барабардыгы: $\frac{a}{b}=\frac{c}{d}$. Мында *a*, *b*, *c*, *d* чоңдуктары П-нын (*a* ж-а *d* четки, ал эми *b* ж-а *c* ортоңку) мүчөлөрү. П-нын ортоңку мүчөлөрүнүн көбөйтүндүсү четки мүчөлөрүнүн көбөйтүндүсүнө барабар: $bc = ad$. Бул П-нын негизги касиети болуп, П-нын тууралыгын текшерүүдө, о. эле анын бир мүчөсүн калган мүчөлөрү аркылуу түюнтууда пайдаланылат, мис., $\left(b=\frac{ad}{c}\right)$.

ПРОПОРЦИЯЛАШТЫК — функциялык көз карандылыктын эң жөнөкөй түрү (к. *Функция*). П-тын түз ж-а тескери түрү бар. Эгерде эки өзгөрмө чоңдуктун катышы өзгөрбөсө, б. а. биринин катышын капча эсе кичирейткенде (же чоңойткөндө), экинчиси да ошончо эсе кичирейсе (же чоңойсо), анда мындай чоңдуктар түз пропорциялаш (же жөн эле пропорциялаш) чоңдуктар деп аталат. Чоңдуктардын П-ы аналит. түрдө төмөнкүчө мүнөздөлөт: $y=kx$, мында k — пропорциялаштык коэффициенти. П. көз карандылык график түрүндө бурчтук коэффициенти П. коэффициентине барабар ж-а координата башталмасы аркылуу өтүүчү түз сызык м-н сүрөттөлөт. Практикада П. көз карандылык көп кездешет: мис., персөнүн бир калыптагы кыймылынын өткөн S жолу, убакытка t пропорциялаш ($S = vt$, v — ылдамдык). **ПРОПОРЦИЯЛАШ ЧОҢДУКТАР**, к. *Пропорциялаштык*.

ПРОРЕКТОР (лат. pro — ордуна ж-а *ректор*) — жог. окуу жайдын ректорунун орун басары.

ПРОРОКОВ Борис Иванович [26. 4 (9. 5). 1911, Иваново-Вознесенск, азыркы Иваново — 19. 9. 1972, Москва] — совет графиги. СССР эл сүрөтчүсү (1971), СССР сүрөт академиясынын корр. мүчөсү (1954). 1945-жылдан КПСС мүчөсү. Вхутемпде (1929—31) Д. С. Моор м-н П. Я. Павлиновдон таалим алган. «Комсомольская правда» газетасы (1931—38), «Смена» (1929—37) ж-а «Крокодил» (1938-жылдан) журналдарынын кызматкери. Чыг-лары импер. агрессияга каршы күрөшкө арналып, күрч публицистикалуулугу, көтөрүңкү эмоциялуулугу, кыймылдын экспрессиялуулугу, түстөрдүн контрасттуулугу м-н айырмаланат. Негизги чыг-лары: «Мына, ошол Америка!» (сепия, тушь, 1948—49; СССР мамл. сыйл., 1950); «Маяковский Америка жөнүндө» деген сериясы (тушь, гуашь, акварель, көмүр, пастель, коло, 1951—54) ж-а «Тынчтык үчүн» сериясынан «Трумэндин тапкаларын чогороду», «Америка жандармдары Японияда» сүрөттөрү (булар үчүн СССР мамл. сыйл., 1952; баары Третьяков гал.); «Бул кайталанбасын!» (тушь, темпера, акварель, карандаш, 1958—59, Орус музейи, Ленинград; Лениндик сыйл., 1961). Эки орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Борис Иванович Пророков. (Альбом). М., 1953.

ПРОСТАТИТ — эркектин жыныс безинин (простатанын) сезгениши. Аны стафилококк, стрептококк ж. б. микробдор козгойт. Катуу кармаган П-те чатканак ачышып, адам тез-тез ириң аралаш заара кылат. Кээде заарасы кысылып чыгып же токтоп калышы да мүмкүн. *Абсцесске* айланганда оорулуунун алы кетип, тамакка көңүлү чаппай, чыйрыгып, эти ысыйт. Чатканактын оорусу күчөйт. Ириңдеген без өзүнөн өзү жарылса, оорулуунун абалы оңолуп калат. Өпөкөт П-те алсыроо, чатканактын ооруганы, сийгелектетүү байкалат. Дарылоо: катуу кармаганда *антибиотиктер*, сульфаниламид ж-а ооруну басаңдатуучу дарылар, *жылуулук менен дарылоо* ж. б.; абсцессте — операция; өпөкөт түрүндө — простатага массаж жасоо, *баткак менен дарылоо*.

ПРОТАГОР Абдерлик (б. з. ч. 480—410-ж. ченде) — байыркы грек философу, софисттер мектебин негиздөөчү, саясий ишмер, кул ээлик демократиянын жактоочусу. Анын филос. көз карашында стихиялык матер. ж-а субъективдүү идеалисттик тенденциялар айкалышкан. П-дун чыгармалары сакталган эмес.

ПРОТАКТИНИЙ (лат. Protactinium), Pa — *актиноиддерге* кирген радиоактивдүү хим. элемент, ат. н. 91. 1913-ж. К. Фаянс (поляк) ж-а О. Гёринг (немец) ачкан. П-дин массалык саны 224—237 болгон изотоптору белгилүү. Жер кыртышында массасы б-ча $1 \cdot 10^{-10}$%. П.— боз түстөгү жалтырак металл. эрүү t 1560°С, тыгыз. 15,4 *г/см*^{3}. П. абада кычкылданып, жалтырак түсүн жоготот, кошулмаларында кычкылдануу даражасы +2ден +5ке чейин. Хим. касиеттери *ниобий* м-н *танталга* окшош. Кычкылдануу шартына жараша PaO_2, Pa_6O_{14}, Pa_2O_5, о. эле галогениддери, карбиди PaC, гидриди PaH_3 ж. б. бирикмелери белгилүү. Уран кендерин тазалоодо П-ди болуп алат.

ПРОТЕЗДЕР (гр. prósthesis — бириктирүү, кошуу) — буту-колдун ж-а денөнүн башка болүгүнүн кемтиктеринин функцияларын аткарып, косметикалык жактан толуктап туруучу мех. ыңгайлуу жасалгалар. П-дин бир нече түрү бар. Убактылуу П. буту-кол мултугун ампутациядан кийин дарылоо ж-а конүгүү максатында колдонулат. Конструкциясы татаалыраак ж-а биомех. жактан туруктуу П. стандарттуу чала фабрикаттардан чогултулат. Мындай П-дин таманы, шыйрак-таман ж-а тизе шарнирлери

тыянактарын өз иштеринин шарттарына ылайыктуу колдонууда.

Ад.: Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 23-т.

ПРОЛЕТКУЛЬТ (орусча пролетарская культура — пролетариат маданияты дегенден) — Улуу Окт. соц. рев-ясы болор алдында түзүлүп, 1917—20-ж. оорчүгөн адабий-корком ж-а маданий-агартуучул уюм. Жумушчулардын өз демилгелүү чыг-лыгын оорчүтүү м-н пролетариат мад-тын жаратуу ураанын көтөрүп чыккан ж-а бул багытта иштер алып барган. 1920-ж. П. уюмдарында 400 мүчөсү болуп, 20дай журнал чыгып турган.

П-тун иши карама-каршылыктуу болгон. Анын теоретиктери ленинизмге жат эстетикалык принциптерди пропагандалашкан; өткөндөн мураска калган мад-тка карата кескин нигилисттик позицияда турушкан; марксстик-лениндик эстетикага чатташуулар киргизишип, корком практикага терс таасир тийгизген. П-чулардын көпчүлүк көз караштары мад-т курулушунун лениндик принциптерине шайкеш келбегендиктен басма сөздө олутуу талкууга алынган. РКЖСтин 3-съездиндеги В. И. Лениндин сөзүндө ж-а РКП(б) БКнын «Пролеткульт жөнүндөгү» (1920, 1-дек.) катында П-тун теориялык принциптери сынга алынып, төгүндөлгөн. 1925-ж. П. профсоюздардын карамагына өтүп, 1932-ж. «Адабий-корком уюмдарды кайра куруу жөнүндөгү» ВКП(б) БКнын токтому м-н биротоло жоюлган.

Ад.: Ленин В. И., О литературе и искусстве, 5 изд., М., 1976; Горбунов В., Ленин и социалистическая культура, М., 1972; его же, В. И. Ленин и Пролеткульт, М., 1974.

ПРОЛОГ (гр. prólogos — кириш сөз дегенден) — корком чыгарманын башында автордук ой м-н тааныштырган же чыгармадагы окуянын келип чыгыш себептерин баяндаган кириш бөлүм. П., маселен, орус ад-тында А. С. Пушкиндин «Жез атчан», кыргыз ад-тында Т. Умоталиевдин «Жыпар» аттуу поэмасынан даана байкалат. «Манас» эпосунун киришүү деген болгуңу да П. үлгүсүнө жатат.

ПРОЛЮВИЙ (лат. proluo — агызам) — тоо тек сыныкчаларын, үбөлөндүсүн кыян агызып, тоо этегине чогултуудан пайда болгон борпоң чөкмө. Эң кейпшке аккан түрдүү составдагы тоо тек сыныкчалары конус формасындагы шилендини түзөт. Көпүстүн бийик болгуң кесек (шагыл, галька), этек жагы майда бүртүкчолүү (кум, чопо) материалдан турат. Терминди орус геологу А. П. Павлов сунуш кылган (1903).

ПРОМЕДОЛ — ооруну басаңдатуучу дары. Ал синтет. жол м-н алынып, морфиндин ордуна колдонулат. П. ооруну басаңдатуучу ж-а жылма булчуңдардын жыйрылуусун жазма таасири бар. Эритме ж-а таблетка түрүндө колдонулат.

ПРОМЕТЕЙ — байыркы грек мифологиясындагы кудайлардын каарынан элди коргогон *титан*. Мифтин эзелки бир версиясына караганда, П. Олимптен от уурдап, элге берип коёт. Бул иши үчүн ал Зевстин буйругу м-н аскага кадалып, кыйноо тартат: бир бүркүт күнүгө же күн алыс үчүн келип, П-дин боорун чокуп жеп кетип турат; а боор болсо кайра жаңырып өсө берет. Ошентип бул кыйноо жүздөгөн жылдардан 30 миң жылга, б. а. Геракл бүркүттү жаа м-н атып, П-ди бошотконго чейин созулат. П. ж-дөгү миф негизинде Эсхил «Кадалган Прометей» аттуу трагедия жазган. П-дин образы кийинки дооруларда поэзиясында (Ж. Байрон, П. Б. Шелли, Н. П. Огарёв, Т. Шевченко ж. б.), музыкада (Ф. Лист, А. Н. Скрябин ж. б.), корком сүрөт өнөрүндө (Тициан, Ф. Г. Гордеев ж. б.) да оорчүтүлгөн ж-а жаңы мотивдер м-н байыган.

Ад.: Нусинов И. М., История образа Прометея, в его кн.: История литературного героя, М., 1958.

ПРОМЕТИЙ (лат. Prometium), Pm — Менделеевдин мезгилдик системасынын III тобундагы радиоактивдүү хим. элемент, ат. н. 61. *Лантаноиддерге* кирет. П-дин массалык саны 141—154 болгон 16 изотобу бар, туруктуусу ^{145}Pm, маанилүүсү ^{147}Pm. П-ди 1945-ж. амер. илимпоздор Ж. Маринский, Л. Гленденин ж. б. ачышкан. 1968-ж. П. уран рудаларынан байкалган. Ал — металл, тыгызд. 7,26 *г/см*^{3}, кайноо t 1080°С. Кошулмаларында 3 валенттүү. Анын суу кычкылы $Pm(OH)_3$, кычкылы Pm_2O_3, хлориди $PmCl_3$, фториди PmF_3, нитраты $Pm(NO_3)_3$ ж. б. бирикмелери белгилүү. ^{147}Pm ядролук реакторлордо ^{235}Uдын ажырашынан алынат. Анын негизинде көкө иштөөчү, кичинекей атом батареяларын жасоого болот. Анын β-нурунун таасири м-н көз бир материалдардын калыңдыгы өлчөнөт.

ПРОПАГАНДА (лат. propago — жайылтам дегенден) — коомдук аң-сезимге сиңирүү ж-а көпчүлүктүн практикалык иш-аракетин жандандыруу максатында эл арасына саясий, филос., ил., корком ж. б. көз караштарды ж-а идеяларды жайылтуу. П. процесси үч элементтен турат: 1) П-нын субъекти—ошол П. аркылуу түпкү мүдөөсү туюнтулган социалдык топ; 2) П-нын мазмуну, формалары ж-а методдору, каражаттары — басма сөз, телекөрсөтүү, радио, лекция ж. б.; 3) П-нын объекти — П. адрестелген аудитория (адамдар).

Тар мааниде П. деп көбүнчө саясий же идеол. П-ны билебиз. Саясий П. анын эсепинин (субъектинин) көз караштарын, идеяларын, теорияларын эл арасына таратат. Саясий П-нын өзөгү — таптык *идеология*. Азыркы дүйнөдө П-нын бири бирине кас эки түрү бар. Алар — бурж. П. ж-а коммунисттик П.

Эксплуататордук коомдо П-ны үстөмдүк кылган тап өз мүдөөсүнө жалпы журтчулуктун орток мүдөөсү катары көрсөтүп үчүн, калктын катмарына өзүнүн таптык көз караштарын, жалган идеялар менен теорияларды, бурмаланган информацияны тацуулаш үчүн пайдаланат. Монополисттик буржуазиянын ж-а бурж. мамлекеттин карамагында басма сөз, радио уктуруу, телекөрсөтүү ж. б. бурж. П. үчүн кызмат кылат.

Бурж. П-га коммунисттик П. каршы турат. Анын негизги жоболорун К. Маркс м-н Ф. Энгельс иштеп чыгып, В. И. Ленин оорчүткөн. Коммунисттик П.— рухий иш-аракеттин ил. жактан негизделген системасы. Бул системаны коммунисттик партия иштеп чыгат. П-лоо учурунда көпчүлүк элди агартуу, тарбиялоо, уюштуруу максатында маркстик-лениндик идеология ж-а саясат жайылтылат. Коммунисттик П-нын негизги принциптери: нукура илимге негизделгендик, партиялуулук, турмуш м-н тыгыз байланышы бардык, П-лык ж-а уюштуруучулук иштин биримдиги. Коммунисттик П-нын коомдук милдеттери: коммунисттик партиянын жумушчу табы ж-а бардык эмгекчилер м-н байланышы; илимий социализмди, партиянын идеялык-теориялык ишин жумушчу кыймылы ж-а көпчүлүктүн рев-ялык өзгөрткүч иш-аракети м-н айкалыштыруу; социализм учурунда коомдогу бардык таптардын, улуттардын ж-а социалдык топтордун системалуу инкир алмашуусун камсыз кылуу; жумушчу табынын, жалпы эмгекчилердин коомдук ой-пикирин, муктаждыктарын ж-а мүдөөлөрүн туюнтуу; бурж. ж-а ревизионисттик П-нын ушактарын, жалган түшүнүктөрүн ашкерелөө; соц. коом ж-дөгү чындыкты жайылтуу.

Коммунисттик П-нын уюштуруучусу — коммунисттик партия, соц. мамлекет, эмгекчилердин коомдук уюмдары. Ал социализм ж-а коммунизм үчүн ар бир кишини практикалык күрөшкө үндөйт. П. м-н *агитация* — ил. социализм идеяларын таратуунун өз алдынча эки фазасы. П. идеологиянын негизги мазмунун билдирген ил. теорияны ж-а идеяны таратса, агитация практикалык иштин актуалдуу идеяларынын бирин жеткиликтүү түрдө баяндайт. Коммунисттик П. рухий муктаждыкты, кызыкчылыкты, коомдук ой-пикирди, массанын көңүлүн, объективдүү шарттарды ж-а П. таасирinin натыйжасында ушул факторлордун өзгөрүшүн изилдейт. П-нын натыйжалуулугунун бир шарты — жайылтуучу билимди, идеяны, көз карашты массанын практикалык иш-аракети м-н байланыштырып бекемдөөдө. Ошондуктан конкреттүүлүк, социалдык турмушту объективдүү талдоо, жетишкендиктерди реалдуу көрсөтүп, кемчиликтерди сындоо — парт. П-нын негизги принциптери.

Коммунисттик П-нын негизги милдети — эмгекчилердин маркчыл-ленинчил көз карашын, идеялык-саясий жог. сапатын, аларда коммунисттик мораль нормаларынын, коомдук аң-сезимдүү мамилenин болушун калыпка салуу (к. *Партиялык агартуу*). Ушул максатты ишке ашыруу — П-нын натыйжалуулугунун жалпы критерийи, ал эми анын жалпы көрсөткүчү — массанын социалдык активдүүлүгүнүн деңгээли.

Ад.: Ленин В. И., Эмне кылуу керек? Кыймылдыгызын чечүүнү талап кылган маселелери, Чыг., кырг. 1-бас., 5-т.; Степанов В. И., Партийной пропаганде—научные основы, М., 1967; Вопросы теории и практики партийной пропаганды, М., 1971.

ПРОПАН, $CH_3—CH_2—CH_3$ — каныккан углеводород. Түссүз, жытсыз күйүүчү газ, эрүү t — 187,7°С, кайноо t — 42,1°С. П. жаратылыш ж-а нефть газдарынын, СО ж-а H_2дөн алынган газдардын составында болот. Өндүрүштө П-ды катализдик дегидрлоодон пропилен, нитрлоодон нитрометан алынат. П. эриткич катары бутан м-н аралашмасы тиричиликте колдонулат.

ПРОПИЛЕН, пропен, $CH_3—CH=CH_2$—каныкпаган углеводород. Түссүз, бир аз жыты бар күйүүчү газ. Эрүү t — 185°С, кайноо t — 47,7°С. Өндүрүштө П. нефть фракциясын пиролиздөө ж-а пропанды катализатордун таасири м-н дегидрлоодон алынат. Ал — о. ж-да эң негизги хим. сырьёнун бири. П. глицерин, акролеин, акрилонитрил, ацетон, фенол ж. б-ны алууда пайдаланылат. П. м-н формальдегиддин аракеттенишинен бутадиен пайда болот. П-дин полимерлоодон полипропилен алынат. П-ден синтезделген продуктулар пластмасса, каучук ондүрүүдө, кир кетирүүчү заттарды, мотор отундарын, эриткичтерди ж. б. алууда колдонулат.

ПРОПИЛЕН КЫЧКЫЛЫ, $CH_3—CH—CH_2$ (O) — тунук суюктук, эрүү t — 104,4°С, кайноо t 34,5—34,9°С. Орг. эриткичтерде, сууда жакшы эрийт. Хим. активдүү бирикме. Өндүрүштө пропиленди гипохлордон, аны андан ары кычкылдандыруудан алынат. П. к. эриткичтерди, майлагыч май эмульгаторду ж. б. синтездөөдө чала продукт ж-а фумигант катары колдонулат.

ПРОПОЛИС (гр. própolis), аарылжелиими — бал аарысы чыгаруучу жыттуу, чайырлуу, желимдүү зат. П. сары же күрөң түстө, даамы ачуу, илээшкек болот. Ал көкө сакталса, кара күрөң, жашыл сымал түстүү болуп, катып калат. Аарылар П-ти мом м-н кошо бал челегинин жыртыктарын бүтөөгө, уячасын жылмалаганга, балдын агуусун азайтууга ж-а уяга курт-кумурска, зыянкеч түшсө, аларды олтуруучу керектейт. Хим. составы П. жыйналган осумдуктун түрүнө жараша болот. Ал 50—55% өсумдук чайырынан, 8—10% эфир майынан, 30% момдон турат. Момдуу П. накта момдон өзгөчө жыты ж-а жумшактыгы м-н айырмаланат. П. бал челектен жыйналып, даярдоо пунктуна тапшырылып, андан фармакология заводуна жеткирилет. П. медицинада, ветеринарияда дары катары пайдаланылат.

ПРОПОРЦИЯ (лат. proportio — катыш, өлчөмдө) математикада — *a*, *b*, *c*, *d* торт чоңдуктун экиден катыштарынын барабардыгы: $\frac{a}{b}=\frac{c}{d}$. Мында *a*, *b*, *c*, *d* чоңдуктары П-нын (*a* ж-а *d* четки, ал эми *b* ж-а *c* ортоңку) мүчөлөрү. П-нын ортоңку мүчөлөрүнүн көбөйтүндүсү четки мүчөлөрүнүн көбөйтүндүсүнө барабар: $bc = ad$. Бул П-нын негизги каспети болуп, П-нын тууралыгын текшерүүдө, о. эле анын бир мүчөсүн калган мүчөлөрү аркылуу түюнтууда пайдаланылат, мис., $\left(b=\frac{ad}{c}\right)$.

ПРОПОРЦИЯЛАШТЫК — функциялык көз карандылыктын эң жөнөкөй түрү (к. *Функция*). П-тын түз ж-а тескери түрү бар. Эгерде эки өзгөрмө чоңдуктун катышы өзгөрбөсө, б. а. биринин катышын канча эсе кичирейткенде (же чоңойткөндө), экинчиси да ошончо эсе кичирейсе (же чоңойсо), анда мындай чоңдуктар түз пропорциялаш (же жөн эле пропорциялаш) чоңдуктар деп аталат. Чоңдуктардын П-ы аналит. түрдө төмөнкүчө мүнөздөлөт: $y=kx$, мында k — пропорциялаштык коэффициенти. П. көз карандылык график түрүндө бурчтук коэффициенти П. коэффициентине барабар ж-а координата басталмасы аркылуу өтүүчү түз сызык м-н сүрөттөлөт. Практикада П. көз карандылык көп кездешет: мис., нерсенин бир калыптагы кыймылынын өткөн S жолу, убакытка t пропорциялаш ($S = vt$, v — ылдамдык).

ПРОПОРЦИЯЛАШ ЧОҢДУКТАР, к. *Пропорциялаштык*.

ПРОРЕКТОР (лат. pro — ордуна ж-а *ректор*) — жог. окуу жайдын ректорунун орун басары.

ПРОРОКОВ Борис Иванович [26. 4 (9. 5). 1911, Иваново-Вознесенск, азыркы Иваново — 19. 9. 1972, Москва] — совет графиги. СССР эл сүрөтчүсү (1971), СССР сүрөт академиясынын корр. мүчөсү (1954). 1945-жылдан КПСС мүчөсү. Вхутеинде (1929—31) Д. С. Моор м-н П. Я. Павлиновдон таалим алган. «Комсомольская правда» газетасы (1931—38), «Смена» (1929—37) ж-а «Крокодил» (1938-жылдан) журналдарынын кызматкери. Чыг-лары импер. агрессияга каршы күрөшкө арналып, курч публицистикалуулугу, көтөрүңкү эмоциялуулугу, кыймылдын экспрессиялуулугу, түстөрдүн контраттуулугу м-н айырмаланат. Негизги чыг-лары: «Мына, ошол Америка!» (сепия, тушь, 1948—49; СССР мамл. сыйл., 1950); «Маяковский Америка жөнүндө» деген сериясы (тушь, гуашь, акварель, көмүр, пастель, коло, 1951—54) ж-а «Тынчтык үчүн» сериясынан «Трумэндин тапкалары чогуролу», «Америка жандармдары Японияда» сүрөттөрү (булар үчүн СССР мамл. сыйл., 1952; баары Третьяков гал.); «Бул кайталанбасын!» (тушь, темпера, акварель, карандаш, 1958—59, Орус музейи, Ленинград; Ленин дик сыйл., 1961). Эки орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Борис Иванович Пророков. (Альбом). М., 1953.


ПРОСТАТИТ — эркектин жыныс безинин (простатанын) сезгениши. Аны стафилококк, стрептококк ж. б. микробдор козгойт. Катуу кармаган П-те чатканак ачышып, адам тез-тез ириң аралаш заара кылат. Кээде заарасы кысылып чыгып же токтоп калышы да мүмкүн. *Абсцесске* айланганда оорулуунун алы кетип, тамакка көңүлү чаппай, чыйрыгып, эти ысыйт. Чатканактын оорусу күчөйт. Ириңдеген без өзүнөн өзү жарылса, оорулуунун абалы оңолуп калат. Өнөкөт П-те алсыроо, чатканактын ооруганы, сийгелектетүү байкалат. Дарылоо: катуу кармаганда *антибиотиктер*, сульфаниламид ж-а ооруну басаңдатуучу дарылар, *жылуулук менен дарылоо* ж. б.; абсцессте — операция; өнөкөт түрүндө — простатага массаж жасоо, *баткак менен дарылоо*.

ПРОТАГОР Абдерлик (б. з. ч. 480—410-ж. ченде) — байыркы грек философу, софисттер мектебин негиздөөчү, саясий ишмер, кул ээлик демократиянын жактоочусу. Анын филос. көз карашында стихиялык матер. ж-а субъективдүү идеалисттик тенденциялар айкалышкан. П-дун чыгармалары сакталган эмес.

ПРОТАКТИНИЙ (лат. Protactinium), Pa — *актиноиддерге* кирген радиоактивдүү хим. элемент, ат. н. 91. 1913-ж. К. Фаянс (поляк) ж-а О. Гёринг (немец) ачкан. П-дин массалык саны 224—237 болгон изотоптору белгилүү. Жер кыртышында массасы б-ча $1 \cdot 10^{-10}$%. П.— боз түстөгү жалтырак металл. эрүү t 1560°С, тыгызд. 15,4 *г/см*^{3}. П. абада кычкылданып, жалтырак түсүн жоготот, кошулмаларында кычкылдануу даражасы +2ден +5ке чейин. Хим. касиеттери *ниобий* м-н *танталга* окшош. Кычкылдануу шартына жараша PaO_2, Pa_6O_{14}, Pa_2O_5 о. эле галогениддери, карбиди PaC, гидриди PaH_3 ж. б. бирикмелери белгилүү. Уран кендерин тазалоодо П-ди бөлүп алат.

ПРОТЕЗДЕР (гр. prósthesis — бириктирүү, кошуу) — бүтү-колдун ж-а денениң башка бөлүгүнүн кемтиктеринин функцияларын аткарып, косметикалык жактан толуктап туруучу мех. ыңгайлуу жасалгалар. П-дин бир нече түрү бар. Убактылуу П. бүтү-кол мултугун ампутациядан кийин дарылоо ж-а көнүгүү максатында колдонулат. Конструкциясы татаалыраак ж-а биомех. жактан туруктуу П. стандарттуу чала фабрикаттардан чогултулат. Мындай П-дин таманы, шыйрак-таман ж-а тизе шарнирлери

болуп, узундугу керектүү өлчөмдө өзгөртүлөт. Туруктуу П. жараат толук айыккандан кийин колдонулат. Кол ж-а бут П-и жыгачтан, металлдан, пластмассадан, булгаарыдан жасалат. Кээде билек П-инде биоэлектрдик башкаруулар колдонулуп, мындай оорулуу адистиги б-ча тийиштүү



Билек ампутациясынан кийин коюлуучу протездер.

өлчөмдөгү жумуштарды аткара алат. Булардан башка эмчек, көз, тиш, о. эле кулак, мурун ж. б-нын кемтиктеринде колдонулуучу П. да болот.

Ад.: Протезирование и протезостроение. Сб. трудов, в. 25, М., 1971.

ПРОТЕПДДЕР, к. *Белоктор.*

ПРОТЕИНДЕР, к. *Белоктор.*

ПРОТЕКТОРАТ (лат. protector — коргоочу, колдоочу) — 1) колониялык күнкорлуктун бир түрү. Мында атайын эл аралык келишим б-ча бир мамлекет (көз каранды) өзүнүн тышкы байланыштарын ж-а мамилелерин жүргүзүү жагын экинчи мамлекетке (протектор) тапшырат. Протектор-мамлекет өзүнө көз каранды өлкөгө анын ички иштерин көзөмөлдөп туруу үчүн да советник (резидент) жиберет. П. азыркы эл аралык укук б-ча законсуз деп каралган; 2) 1653—59-жылдардагы Англиядагы согуштук диктатура. Ал 1653-ж. 16-декабрда бардык бийлик лорд-протектор О. *Кромвелге* өткөн. П. жаңы дворяндардын ж-а буржуазиянын мүдөөсүн жактаган. Кромвель өлгөн соң анын улуу баласы Ричарддын лорд-протектор титулунан баш тартышы м-н (1659, май) П. жоюлуп, бийлик офицерлер советине өткөн.

ПРОТЕКЦИОНИЗМ (лат. protectio — жактоо, колдоо дегенден) — мамлекеттин улуттук экономиканы колдоого багытталган саясаты. Ал соода-саясий тоскоол аркылуу чет өлкөлүк товарлардын ички рынокко түшүшүнө жол бербей, алардын өтүмдүүлүгүн начарлатуу максатын көздөйт. П-де улуттук экономикага финансы жагынан жардам берилип, товар экспорттоого кызыктырылат.

П-дин мацызы ж-а соода саясатындагы чаралар (чет өлкөлүк товарга тыюу салуу, бажы өлчөмү, тариф структурасы ж. б.) бул же тигил доордогу жалпы экон. саясатка жараша өзгөрүлөт. Капиталды алгач топтоо ж-а капит. мамиле пайда болуу мезгилинде П-дин теоретиктери м-н практиктери меркантилисттер эле. П. Францияда (Кольбердин 1664 ж-а 1667-жылдагы протекция тарифтери), Австрия монархиясында, көптөгөн герм. мамлекеттерде, Россияда Пётр I түшунда кеңири тараган.

К. Маркс ж-а Ф. Энгельс өз эмгектеринде П. м-н эркин сооданы кеңири талдаган. Азыркы кезде өнүккөн капит. мамлекеттердеги П. ири улуттук ж-а эл аралык монополиялардын кызыкчылыгын жактайт. Анын максаты — товар м-н капитал откорүү рыногун тартып алуу, болуштүрүү ж-а кайра болуштүрүү. Капит. интеграциянын өнүгүү процесси «коллективдүү» П-дин пайда болушуна алып келди. Ал өнүккөн капит. өлкөлөрдүн айрым тобунун макулдашып ыракеттенишин м-н жүзөго ашырылат. Буга «Жалпы рынокту» өлкөлөрдүн тышкы соода саясаты мисал. Өнүгүп жаткан өлкөлөргө П. калыптана баштаган улут чарбасын коргоого багытталат.

Ад.: Маркс К., Речь о свободе торговли, Маркс К., Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 4; Милейковский А. Г., Международное разделение труда и буржуазная политическая экономия, в кн.: Буржуазная политическая экономия о проблемах современного капитализма, М., 1965.


ПРОТЕРОЗОЙ «ТОБУ» («заманы»), протерозой (гр. próteros — алгачкы, zoe — тиричилик) — *кембрийге чейинки мезгилде* пайда болуп, ар түрдүү даражада метаморфизмделген байыркы тоо тектердин комплекси. *Архей «тобунун»* үстүндө жайгашкан. Терминди 1888-ж. амер. геолог Э. Эммонс киргизген. П. «т.» мындан 2000 млн жыл мурда башталып, узактыгы 1500 млн жылга созулган. П. «т.» астыңкы, ортоңку ж-а үстүнкү бөлүнөт. Үстүнкү протерозой СССРде рифей (синий) деп аталат. Кыргызда Нарын кырка тоосунда *(Чоң-Нарын комплекси)*, Талас Ала-Тоосунда, Көөлүү ж. б. жерлерде кездешип, темирдүн (жетим сериясы), алтындын, молибдендин рудалары бар.

ПРОТЕСТ (лат. protestor — жүртчулуктун көзүнчө далилдеймин) — каршы чыгуу, нааразылык билдирүү, кылапат айтуу. Сов. укуктагы П.— 1) прокурордун башкаруу органдары чыгарган актылардын законго туура келбегендерине каршы чыгышы; 2) соттун жакшы негизделбей же законго кайчы кабыл алган (чыгарган) өкүмдөрүнүн, чечимдеринин, аныктамаларынын, токтомдорунун күчүнө киргендерине каршы чыгуу. Мындай П-ти прокуратура органдары, СССР Жог. сотунун пред-ли ж-а анын орун басарлары, союздук ж-а автон. республикалардын, облусттардын ж-а крайлардын сотунун пред-лдери жасай алат; 3) биринчи инстанциядагы соттун күчүнө кире элек өкүмдөрү м-н чечимдери прокурор тарабынан законсуз деп табылып, андан жогору турган сотко П. жасалышы.

ПРОТЕСТАНТИЗМ (лат. protestantis — жүртчулук көзүнчө далилдөөчү) — христиан диниинин үч ири багыттарынын бири *(католицизм* ж-а *православие* м-н катар). Бир катар өз алдынча чиркөө м-н секталарды бириктирет. 16-к-дагы *реформация* убагында католицизмден болүнүп чыккан жаңы чиркөө багытын жактоочулар протестанттар (каршы чыгуучулар) деп аталган. П. 16-к-да католицизмге окшобогон христиан диниинин өзүнчө жаңы «бурж. түрү» катары пайда болгон. Анын негизги догмалык жобололору М. Лютер, Ж. Кальвин, У. Цвингли ж. б. иштеп чыгышкан. П-дин адамдын кудай м-н «байланышы» ж-дегү догмасы аны католицизмден айырмалаган. Католиктик ыйык жомокту четке кагып, П. ишеним окуусунун булагы ыйык китеп (Библия) деп эсептейт. П-дин негизги түрлөрү: *лютерчилик*, кальвинизм, цвингличилик ж. б. 16—17-к-да П. бардык катмарлар тарабынан кабыл алынса да, биринчи претте феодализмге каршы күрөшкөн буржуазиянын идеялык куралы болгон. П. көбүнчө Скандинавия өлкөлөрүндө, ГФР, ГДР, Швейцария, Улуу Британия, Нидерланд, АКШ ж. б. өлкөлөрдө кеңири тараган.

Ад.: Гараджа В. И., Протестантизм, М., 1971.

ПРОТИВОГАЗ — кишинин дем алуу органдарын, көзүн, бетин ууландыргыч ж-а радиоактивдүү заттардан, бактериялык каражаттардан ж. б. абадагы газ, буу же аэрозол түрүндөгү зыяндуу кошундулардан сактоочу түзүлүш (прибор). П. сактоо принциби б-ча чыпкалоочу ж-а такыр откөрбөс (изоляциялагыч) болуп бөлүнөт. Чыпкалоочу П. алгачкы жолу 1-дүйн. согушта пайдаланылган. Азыркы чыпкалоочу П. газдан сактоочу кутудан, бетке кийгич бөлүктөн (шлем-маскадан) ж-а сумкадан турат. Дем алганда уулуу аба кутудагы аэрозол чыпкасында аэрозолдон, активдештирилген көмүрдүү чыпкада буудан ж-а газдан тазаланат. Тазаланган аба туташтыргыч түтүк аркылуу дем алуу органына кирет. Бул П-ды көпкө кийип жүрүүгө болот. Салм. 2 *кг*дай. Такыр откөрбөс П. чыпкалоочу П. ууланткыч заттардан сактай албаганда (мис., кычкылтек жетишпегенде) колдонулат. Мында негизинен хим. препарат же баллондогу кысылган кычкылтек пайдаланылат. Иштөө принциби: дем чыгарууда аба патронго келет да, анда суу буусу м-н көмүр кычкыл газы жутулуп, кычкылтек болүнүп чыгат, тазаланган аба дем алдыргыч баштыкчага кирет. Дем алганда кычкыл-



1-сүрөт. Граждандык ГП-5 противогазы: *1* — ГП-5 противогазынын кутусу; *2* — ШМ-62инин бет жагы; *3* — тердетпөөчү пленка; *4* — противогаз баштыгы.

тек м-н байыган аба баштыкчадан патрон аркылуу өтүп, П-дын бет маскасына берилет. Бул процесс дем алган сайын кайталанып турат. Мындай П-ды пайдалануунун узактыгы 1—3 *с*, массасы 4—4,5 *кг*. П-дар айнектерин тердетпей тургандай атайын карандаш же тердебес пленка м-н жабдылат. Кышкысын шлем маскасын жылуулаткыч кийгизме колдонулат.

ПРОТИСТОЛОГИЯ (гр. prótistos — эң биринчи ж-а *...логия)* — бир клеткалуу организмдерди изилдөөчү илим.

ПРОТО... (гр. protos — биринчи дегенден) — татаал создордун бир нерсенин биринчи жаралганын, уютку экенин, өнүгүштүн аденки этабын (мис., *протоплазма, прототип)*, жог. даражасын (көбүнчө чиркөө наамдарында) туюндуруучу болүгү.

ПРОТОЗООЛОГИЯ — зоологиянын бир клеткалуу жаныбарларды — *жөнөкөйлөрдү* изилдөөчү болүгү.

ПРОТОН (гр. protos — биринчи; символу p) — зарядынын чоңдугу электрон зарядынын чоңдугуна барабар ($1{,}6 \cdot 10^{19}$К), массасы электрон массасынан 1836 эсе чоң оң зарядду суутек атомунун ядросу. Атомдун электр нейтралдык абалында ядродогу П-дорунун саны анын орбитадагы электрондорунун санына барабар. П-дордун саны хим. элементтин атом. номерин көрсөтөт. П.— туруктуу бөлүкчө. Өзүнчө болуу убактысы орт. эсеп м-н $1 \cdot 10^{26}$—$7 \cdot 10^{27}$ жыл. П. м-н нейтрон изотоптук дуплет же *нуклон* деп аталган топту түзөт. Суутектин атомун иондоштуруу (атомдон электронду ажыратуу) жолу м-н ылдамдатылган П-дун агымын алуу элементардык бөлүкчөлөрү ж-а *атом ядросун* изилдөөго толук мүмкүнчүлүк берди.

«ПРОТОН» — космос нурун ж-а өтө жог. энергиялуу зат бөлүкчөлөрүнүн өз ара ыракеттенишин изилдөөчү сов. Жердин жасалма спутниктеринин (ЖЖС) аты. 1965-ж. 16-июлда «П.-1», 1965-ж. 2-ноябрда «П.-2», 1966-ж. 6-июлда «П.-3» учурулган. Ар бир «Пдун» жалпы массасы 12,2 *т*, ил. аппараттар комплексинин массасы 3,5 *т*. Аппараттардын составына энергиясы 10^{13} *эВ*ко чейинки бөлүкчөлөрдү изилдөөчү нондуу калориметр да кирет. 1968-ж. 16-ноябрда учурулган «П.-4» түн массасы 17 *т*, аппарат комплексинин массасы 12,5 *т*. Орбитасынын перигейи 225 *км*, апогейи 495 *км*. «П.» ЖКС сериялары биринчи космос нурундагы бөлүкчөлөрдүн хим. составын ж-а энергетикалык спектрин, галактикадан келген гамма нуру м-н электрондун интенсивдүүлүгүн ж-а энергетикалык спектрин изилдеген. «П-ду» учуруу көп кыймылдаткычтуу коп баскычтуу ракета алып жүргүч м-н ишке ашырылган. Бардык кыймылдаткычтарынын максимум пайдалуу кубаттуулугу 44 *Гвт* же 60 млн *а. к*-но барабар.

ПРОТОПЛАЗМА *(прото...* ж-а гр. plásma — калыптанган) — тирүү клетканын *цитоплазмасы* м-н *ядросун* камтыган зат; организмдин түзүүчү тиричиликтин материалдык субстраты. Жаныбар, өсүмдүк ж-а микроб клеткаларынын, о. эле бир клеткалуу организмдердин П-сынын физ. касиети, хим. составы ж-а морфол. түзүлүшү окшош келип, тирүү табияттын бирдиктүүлүгүн айкындайт, к. *Клетка.*

ПРОТОТИП (гр. prototypon — прообраз, үлгү дегенден) — иск-во чыгарындагы көркөм образдын, типтин түзүлүшүнө негиз болгон турмуштагы реалдуу адам. Кыргыз совет адабиятында А. Токомбаевдин «Мезгил учат» аттуу повестиндеги баш каарман Жапар Айтыкеевдин образын жаратууда П. катары белгилүү кыргыз сүрөтчүсү Г. *Айтиев* алынган. Ал эми Н. Байтемировдун «Жылдызкан» романындагы Жылдызкандын П-и — атактуу пахтачы Ө. *Атабекова.*

ПРОТРОМБИН (лат. pro — мурда, ордуна ж-а *тромбин)* — кишинин ж-а айбанаттардын кан плазмасындагы белок. Кан уюу системасынын негизги компоненти. П. хим. жаратылышы б-ча — 12%ке жакын углеводдору бар гликопротеид. П. тромбин ферментинен мурда пайда болуп, тромбдун түзүлүүсүн күчөтөт. Организмде П-дин тромбинге айланышына протромбиназа ферменти жардам берет. П-дин биосинтези боордун клеткаларында өтөт. Аны ичеги флорасында пайда болуучу К витамини жонго салат. Ал витамин жетишпегенде кандагы П-дин саны азайып, кандын уюшу начарлайт.

ПРОФЕРМЕНТТЕР, проферменттер, зимогендер — фермент биосинтезинде ферменттерден мурда пайда болуучу активдүү эмес форма. П. протеолиз реакциясынын натыйжасында активдүү ферментке айланат. П-дин молекуласында көбүнчө бир пептид байланышы бузулганда анын түзүлүшү өзгөрүп, ферменттин активдүү борбору түзүлөт. Жаныбарлардын ж-а бактериялардын протеолиттик ферменттеринин көбү, о. эле фосфолипаза да проферменттер катары синтезделет. П-дин биол. мааниси чоң.

ПРОФЕССИОНАЛИЗМДЕР — бир кесиптеги адамдардын кебине (речине) мүнөздүү, жалпы элге анча жеткиликсиз создор, сөз айкаштары, сөз айтылыштары. Мис., дегээ, кодоо, май чабак, көк чаар (балыкчылык П.); кобул, бадал (оймочулук П.); устан, ызгыт (отукчулук П.) ж. б.

П. создордун кабыл алынышынан, семантикалык өзгөрүүгө учурашынан, диалектилик каражаттардын эсебинен да пайда болот.

ПРОФЕССИОНАЛ РЕВОЛЮЦИОНЕРЛЕР — сов. тарыхый-парт. ад-ттарда рев-ячыл иштн өзүнүн негизги кесибн кылып алган адамдарды мүнөздөө үчүн колдонулган термин. Россияда биринчи П. р. рев-ячыл народниктер болгон (А. И. Желябов, А. Д. Михайлов, Г. В. Плеханов ж. б.). 20-к-дын башында В. И. Ленин жетектеген П. р.— И. В. Бабушкин, Н. Э. Бауман, Р. С. Землячка, М. И. Калинин, Е. Д. Стасова ж. б. РСДРПнин түзүүдө чечүүчү роль ойногон. П. р. алдыңкы жумушчуларды уюштуруучулардан пролетарлар массасын уюштуруучуларга чейинки жолду басып өтүп, кийин Коммунисттик партиянын ж-а Совет өкмөтүнүн ишмерлери болуп калышкан (Ф. Э. Дзержинский, Я. М. Свердлов, Г. И. Петровский, И. В. Сталин, С. Г. Шаумян ж. б.). П. р-дин кадрларын бардык жагынан теориялык даярдыгы, уюштуруучулук жөндөмдүүлүгү бар, жог. ац-сезимдүү, кайраткер ж-а эркүү жумушчулардан өстүрүү керектигин В. И. Ленин көп жолу көрсөткөн. Палышалык өкмөт П. р-дн аёосуз куугунтуктаган. Алардын рев-ялык ишн сүргүн, эмиграцияда өткөн. В. И. Ленин партиялы түзүүдө ж-а чыдоодо П. р-дин эмгегин жогору баалаган. Россия пролетариатынан чыккан П. р-дин падышалык мезгилде, жашырын шартта жумушчу табынын массалык партиясын түзүү, бардык эмгекчилерди саясий тарбиялоо, соц. рев-яны ишке ашыруу б-ча тажрыйбасын дүйн. рев-ячыл кыймыл колдонгон ж-а колдонуп жатат.

«ПРОФЕССИОНАЛЬНО - ТЕХНИЧЕСКОЕ ОБРАЗОВАНИЕ» — пед. иллюстрацияланган массалык журнал, СССР Мин. Советинин кесипчилик билим берүү комитетинин органы. Москвада ай сайын чыгарылат. 1941-ж. негизделип, «Производственное обучение» деп аталган. 1941-ж. июндан 1945-ж. мартка чейин чыккан эмес. 1953-жылдан «П-т. о.» деген ат м-н чыгат, кесипчилик билим берүү кызматкерлерине ж-а өндүрүштө жумушчуларды жеке, бригадалык даярдоочуларга арналган, тиражы 100 миңден ашуун (1975).

ПРОФЕССИЯ (лат. professio — официалдуу түрдө көрсөтүлгөн кызмат, адистик), кесип — атайын даярдыктын, тажрыйбанын негизинде тео-

рыялык билимдерге ж-а практикалык ыктарга жетишкен адамдын эмгегинин түрү. П.— кирешенин негизги булагы. П-нын аты иштин мүнөзүнөн ж-а мазмунунан, колдонулчу эмгек куралдарынан ж-а предметтерден туулат. Ил.-тех. прогресс бир П-ны жоюп, жаңысын пайда кылат. Көп П. адистикке болунот (врач-терапевт, врач-хирург ж. б.). Социализмде ар ким каалаган П-сына жете алат. П-га ээ болуу жалпы ж-а атайын билим алуунун ар кандай түрү ж-а жумуш-суздуктун жоктугу м-н камсыз кылынат.

ПРОФЕССИЯЛЫК СОЮЗДАР, профсоюздар — ондуруштө, тейлөө чөйрөсүндө ж-а маданий тармакта иш-аракет жагынан мүдөөлөш эмгекчилерди бириктирген массалык уюмдар. Капитализм доорунда капит. эзүүгө каршы, жумушчулардын турмуш абалын ж-а эмгек шарттарын жакшыртуу үчүн пролетариаттын күрөшүү процессинде пайда болгон. Дүйн. профсоюз кыймылы — эл аралык жумушчу кыймылынын составдык бөлүгү. П. с. алгач 18-к-дын аягында Батыш Европа өлкөлөрүндө ж-а АКШда жумушчулардын экон. кызыкчылыгын коргоо үчүн катары (жумушчу табынын саясий партияларынан мурда) уюшула баштаган. Адегенде П. с. бир өңчөй кесиптеги жумушчуларды баш коштурган цех тартибинде курулган. Кийинчерээк ири таштоо күрөшүнө катышкан, ишкана эленери м-н өкмөттүн куугунтугунан улам жашырын иштеген. П. с-дын түзүлүшү м-н жумушчу табы өз алдынча күч катары саясий күрөштүн аренасына чыккан [мунун башы *Лион көтөрүлүштөрү (1831, 1934), Чартизм*]. Жумушчулардын таптык аң-сезиминин өсүшү, о. эле П. с-дын пролетариат күрөшүнүн очогуна айланышы үчүн 1-Интернационал ж-а анын негиздөөчүлөрү К. Маркс ж-а Ф. Энгельс чоң таасир тийгизген.

19-к-дын 80—90-жылдары жумушчу табынын уюмдашуусунун өсүшү П. с-дын улуттук борборлорунун, эл аралык ө. ж. тармагы б-ча бирикмелеринин түзүлүшүнө алып келген. Ушул учурда капитализмдин империалдык стадияга өтүшү м-н жумушчу күчүн сынайлоо шартка сатуу үчүн күрөшкөн тред-юниондук идеология. Франция ж. б. бир катар өлкөлөрдө анархо-синдикализм (жумушчу кыймылындагы майда бурж. агым) таралган. Реформисттер Профсоюздардын эл аралык секретариатында (1903-ж. түзүлгөн) жетекчиликти ээлеген.

Ушундай шартта рев-ячыл багыттагы П. с. бул эки оппортун. агым м-н күрөшүп, жумушчу табын экон. күрөштөн саясий күрөшкө өтүүгө чакырган.

Россияда П. с. биринчи жолу 1905—07-жылдагы рев-я учурунда (өлкөдө саясий рев-ячыл партия түзүлгөн соң) пайда болуп, большевиктер партиясы жетектеген. өнөндуктан алар башынан эле рев-ячыл мүнөзгө ээ болгон.

Биринчи дүйн. согуштун (1914—18) алдында айрым П. с-ы күчтүү өлкөлөрдөгү (Улуу Британия, Германия, Франция, АКШ ж. б.) жумушчулар айгышкан күрөштүн натыйжасында о. ж-дын айрым тармагында жумуш күнүн 8—10 саатка кыскартып, эмгекти коргоо, социалдык камсыздоо б-ча пайгиликтерге жетишкен. Биринчи дүйн. согуштан (1914—18) келип чыккан рев-ячыл кризистен ж-а Россиядагы Улуу Окт. соц. рев-ясынын таасири астында П. с. жумушчулардын күралдуу чыгууларына активдүү катышкан. 1919-ж. П. с-дын реформачыл лидерлери Профсоюздардын Амстердам интернационалын, 1920-ж. Христиан профсоюздарынын эл аралык конфедерациясын түзүшкөн. 1921-ж. Сов. П. с., капит., колон. көз каранды өлкөлөрдүн рев-ячыл профсоюздары, о. эле реформачыл профсоюздагы рев-ячыл топтор *Профсоюздардын кызыл интернационалын* (профинтерн) негиздешкен. Рев-ячыл профсоюздук кыймылдын оңгуңшүнө реформизмден тышкары, саясий партиялардагы реформисттик П. с-да иштөөдөн баш тартышкан «солчул» агымдар чоң коркунуч туудурган. В. И. Ленин «Коммунизмдеги „солчулдуктун" балалык оорусу» (1920) деген китебинде аларга сокку урган.

20—30-жылдары П. с. эмгекчилердин социалдык укуктарын кеңейтүү үчүн активдүү күрөшкөн. Бир катар өлкөлөрдө (Франция, Италияда) жумушчу күнү 8 саатка чейин кыскартылып, жумушчулардын абалы жакшырган. Италия м-н Германияда жумушчуларды буржуазия м-н кызматташтыкка чакырган П. с-дын оңчул лидерлери жумушчу кыймылын начарлатып, фашизмдин бийликке келишин жеңилдеткен. Фашисттер П. с-ды талкалап, анын ордуна мамлекетке баш ийген «Эмгек фронтун» түзгөн. Экинчи дүйн. согушта (1939—45) П. с. ачык ж-а жашырын түрдө фашизмге каршы күрөшкөн. СССР П. с-ынын активдүү иштерди м-н 1945-ж. Профсоюздардын бүткүл дүйн. федерациясы (ПБДФ) түзүлүп, ага СССРдин, элдик демокр., айрым при капит., колон. ж-а көз каранды өлкөлөрдүн П. с-ы кирген. Бирок П. с-дын оңчулдары 1949-ж. ПБДФтен чыгып, реформизм багытындагы Эркин профсоюздардын эл аралык конфедерациясына (ЭПЭАК; 1968-жылдан Эмгектин бүткүл дүйн. конфедерациясына) биригишкен. Экинчи дүйн. согуштан кийин Азия, Африка ж-а Латын Америкасында улуттук-бошт. күрөштүн күчөшү ж-а империализмдин колон. системасынын кыйрашы оңгуп келе жаткан өлкөлөрдөгү профсоюз кыймылынын өсүшү м-н коштолгон. Алар колониализмге, неоколониализмге каршы туруп, өз өлкөсүнүн экон. ж-а улуттук өз алдынчалыгы үчүн күрөшкөн. Бул өлкөлөрдүн айрымдарында компартиялар жумушчу кыймылынын биримдигин көздөгөн прогрессчил профсоюз борборлорун түзүүгө жетишкен; алсак, араб өлкөлөрүндө бирдиктүү профсоюз борборлорунун көпчүлүгү с.-д. партиялардын жетекчилиги м-н иш жүргүзөт. 1961-ж. Африкадагы демокр. ж-а антимилитар. күчтөрдү бириктирген Профсоюздардын бүткүл африкалык федерациясы (ПБАФ) түзүлгөн. Буга каршы 1962-ж. оңчулдар Африкалык профсоюздар конфедерациясын түзгөн. 1970-ж. Африкалык биримдик уюму жалпы африкалык профсоюз борбору—Африкалык профсоюздардын биримдик уюмун түзүү б-ча чечим кабыл алган. Ал 1973-ж. чакырылып, ага ПБАФтин бүткүл мүчөсү кирген.

Латын Америкасында коммунистер ж-а П. с-дын прогрессчил жетекчилери 1964-ж. Латын Америкасынын эмгекчилеринин профсоюздук биримдигинин туруктуу конгрессин (ЛАЭПБТК) түзгөн. Алардын айрым мүчөлөрү ПБДФке ж-а Профсоюздардын эл аралык бирикмесине (ПЭАБ) кирген. Амер. эмгек федерациясы — ондуруштук профсоюздар конгрессинин карамагында региондук ЭПЭАК уюмунун таасири 70-жылдарда Латын Америкасында кыйла төмөндөгөн. Бирок оңчул профсоюздук кыймыл ж-а Латын Америкасынын айрым өлкөлөрүндөгү солчул авантюристтик күчтөр профсоюздук кыймылдын биримдигине каршы багытталган иштерин улантууда.

Соц. өлкөлөрдөгү П. с. демокр. централизм ондуруш принциби б-ча түзүлгөн. Тармактык П. с. Улуттук П. с. борборлоруна бириккен. БДПФтин ишине активдүү катышат. Эл аралык ж-а региондук профсоюздар борбору м-н байланышын күчөтүүдө.

Соц. өлкөлөрдөгү П. с. коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын жетекчилиги м-н социализмди ж-а коммунизмди активдүү курууга эмгекчилерди мобилизациялайт; коомдо эмгекчилер үчүн чарба жүргүзүүнүн, ондуруштү башкаруунун мектеби. П. с. коомдук башка уюмдар м-н бирдикте эмгекчилерге коммунисттик тарбия берет, к. *СССР профессиялык союздары*.

Ад.: Маркс К., Инструкция делегатам Временного Центрального Совета по отдельным вопросам, Маркс К., Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 16; Ленин В. И., О стачках, Полн. собр. соч., 5 изд., т. 4; Фостер У. З., Очерки мирового профсоюзного движения, пер. с англ., М., 1956; Классовая борьба и профсоюзы. Современные тенденции и борьба за единство в международном профсоюзном движении, М., 1971.

ПРОФЕССИЯЛЫК - ТЕХНИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ — СССРде эл чарбасы үчүн квалификациялуу жумушчу кадрларын атайын окуу жайларда даярдоо формасы; жумушчунун бир адистик б-ча жакшы иштешине мүмкүндүк берүүчү системалашкан билимдердин ж-а ыкмалардын жыйындысы; элге билим берүүнүн бир тар-



Почта маркалары макаласына. 1—4. Почта маркалары. 5—6. К. Маркска, В. И. Ленинге арналган маркалар. 7—10. Гражд. ж-а Улуу Ата Мек. согушка арналган маркалар. 11—14. Алгачкы китеп басууга, тынчтыкка ж-а космосту өздөштүрүүгө арналган маркалар. 15. СССРдин герби. 16—19. Кыргыз ССРине арналган маркалар. 20. Интернационалдын 100 жылдыгына арналган марка. 21—25. Соц. өлкөлөргө арналган маркалар. 26—30. Өнөр жай ж-а айыл чарбасына арналган маркалар.











Пушкин А. С. макаласына. 1. В. А. Фаворский. Лицеист Пушкин. **2. О. А. Кипренский.** А. С. Пушкиндин портрети. **3. А. Н. Бенуа.** А. С. Пушкиндин «Жез атчан» поэмасына иллюстрация. 1905. **4. В. А. Фаворский.** «Сарай падышага» иллюстрация. 1960—61. **5. Л. А. Ильина.** А. С. Пушкиндин. «Терезе» аттуу ырына иллюстрация. 1971. **6. Е. Белашова.** А. С. Пушкиндин портрети. 1964. Гипс. А. С. Пушкиндин Москвадагы музейи. **7. А. С. Пушкиндин** кыргызча чыккан китептеринин бир тобу. **8. М. А. Аникушин.** А. С. Пушкиндин Ленинграддагы эстелиги. 1957. **9. П. И. Чайковский.** «Евгений Онегин» операсынан: Онегин — Кыргыз ССРинин эл арт. М. Темирбеков; Татьяна — Кыргыз ССРинин эмг. сиң. арт. Г. Сатаева.

магы. Профессиялык билимдин оз алдынча баскычы катары П.-т. б. б. системасы Европадагы онүккон капит. мамлекеттерде 19-к-дын 2-жарымында калыптана баштаган. Россияда 19-к-дын 1-жарымында профессиялык-тех. (П. т.) окуу жайларда сабак жо «буюмдата» окутуу (окутуу процессинде таппырылган буюмду жасоо) системасы колдонулган. Прогрессчил коомчулук П.-т. б. б-пу онүктүрүүнү, оркүндотүүнү жактаган. К. Д. Ушинский 1868-ж. «Борборлордо кол онорчулук мектептеринин зарылдыгы» деген макаласында чебер усталарды ж-а алардын шакирттерин даярдоо Россияны чет элдик адистерди чакырудан куткарат деп корсоткон. Окт. рев-ясы П.-т. б. б-пү түп тамырынан озгорттү. Ишкана, мекемелерде иштеген 15—17 жаштагы оспүрүмдөрдү милдеттүү түрдө окутуу 1918-ж. киргизилген. Мурдагы устачылык окуу жайларынын, мектептеринин базасында жаштарга кесиптик ж-а жалпы билим берүү максатында курстар, мектептер ачылган. 1919-ж. РСФСР Эл агартуу комиссариатынын алдында П.-т. б. б. секциясы уюшулуп, 1920-ж. Кесиптик билим берүүнүн башкы комитетине айланган. 1920-ж. 18ден 40 жашка чейинки жумушчуларды милдеттүү түрдо окутуу киргизилген. 1940-ж. СССР мамл. эмгек резервдер системасы түзүлүп, ага фабрика-завод шакирттигинде окутуу, устачылык (ремесленук), т. ж. окуу жайы, фабрика-заводдук окутуу мектептери (ФЗО) берилген. П.-т. б. б. Ата Мек. согуш жылдары коргүнүктүү роль ойноп, ишкана жумушчуларынын 50%тен ашыгын анын тарбияланууучулары түзгөн. 1950-жылдары мамл. эмгек резервдер системасы жумушчуларды эл чарба тармактары б-ча даярдоо багытына откон. Жалпы орто билим берүүнүн өсүшүнө байланыштуу тех. окуу жайлар ачылды. 1958-ж. мамл. эмгек резерви П.-т. б. б. мамл. системасы болуп түзүлдү. Ал айылдык ж-а шаардык П.-т. окуу жайларында адис жумушчуларды даярдайт. 1960-жылдын аягынан баштап адис жумушчулукка даярдоо м-н жалпы орто билим да бере баштады. П.-т. б. б. системасын оркүндотүү б-ча КПСС ж-а СССР Мин. Совети бир катар токтом кабыл алган. П.-т. б. б-нүн мүнөздүү жагы — окуу жайларынын ишкана м-н орг. байланышы. П.-т. б. б. б-ча техник-мастерлерди индустрия-пед. 69 техникум, атайын сабак б-ча окутуучуларды политех. 13 ин-ттүн инженердик-пед. ф-теттери даярдайт (1974). Окуу куралдарын ж-а шаймандарын СССРдин П.-т. б. б. б-ча комитетинин бүткүл союздук ондүрүш ишкана трести чыгарат. Совет бийлиги мезгилинде П.-т. б. б. окуу жайларында 36 млн-дон ашык квалификациялуу жумушчу даярдалган. Кыргызда 75 П.-т. окуу жайында (анын 37си айылдык) 42284 окуучу болгон (1977). 1942—76-жылдарда респ-канын П.-т. окуу жайлары 266 684 адис жумушчу даярдаган. Бул окуу жайларында 948 окутуучу, ондүрүштүк окуу б-ча 1508 мастер иштеген (1977).

Ад.: Веселов А. Н., Профессионально-техническое образование в СССР, М., 1961; Батышев С. Я., Формирование квалифицированных рабочих кадров в СССР, 2 изд., М., 1974.

ПРОФЕССОР (лат. professor — окутуучу, мугалим) — ил. наам; жог. окуу жайларда сабак берген мугалимдердин, ил. мекемелердин кызматчыларынын кызмат орду. Адегенде «П.» деп Рим империясында (б. з. ч. 1-к.— б. з. 5-к.) грамматика ж-а риторика мектептеринин мугалимдери, о. кылымда диний мектептин окутуучулары, 12-к-дан ун-ттердин мугалимдери аталган. Азыркы маанисине жакын П. деген наам биринчи жолу Оксфорд ун-тинин кээ бир мугалимдерине берилген (1502). Россияда биринчи П. наамы м-н чет олкодон келген 17 окутуучу (1724) Петербургдагы Академиялык ун-тте иштей баштаган.

СССРде П. наамы жог. окуу жайлардын же ил. из. мекемелердин ил. советтеринин сунушу б-ча *Жогорку аттестация комиссиясы* тарабынан төмөнкүлөрго берилет: а) кафедра башчылыгына же П-лугуна конкурс аркылуу шайланган, илимдин доктору деген наамы ж-а ил. эмгектери (ойлоп табуулары) бар окутуучуларга ошол кызматта бир жыл иштегенден кийин; б) ил. даражасы жок, бирок жог. квалификациялуу ж-а коп жылдык стажы бар адистерге (эгер алар ошол кызматка шайланган соң бир семестрден кем эмес иштесе); в) жог. окуу жайында иштеген эмгеги ж-а стажы коп доценттерге, ошол кызматында бир жылдан кем эмес иштеген илимдин докторлоруна.

Кыргыз ССР жог. окуу жайларында ж-а ил. мекемелеринде П. наамы бар адистер илимдин ар түрдүү тармактарында иштешет. Кырг-нда П. наамын алеп К. Тыныстанов, К. Ю. Юдахин, И. А. Батманов, А. А. Волкова, И. К. Ахунбаев, Б. Жамгырчинов, Б. М. Юнусалиев, А. Э. Измайлов, Г. А. Сухомлинов, А. А. Алтымышбаев ж. б. илимпоздор алган.

ПРОФИЛАКТИКА (гр. prophylaktikós — алдын алуу) (медицинада) — кишинин ден соолугун чыңдоого, оруларды алдын алууга, алардын себептерин жоюуга багытталган чаралардын жыйындысы. П. жеке ж-а коомдук болуп болунөт. Коомдук П. коллективдин ден соолугун сактоо, жеке П. *өздүк гигиенанын* тартибин турмуш-тиричиликте ж-а ондүрүштө сактоо б-ча иш-чараларын чине алат. Советтик П. адамдын ден соолугун чыңоо, ар түрдүү кырсыктарды, оруларды алдын алууну (мис., иммундаштыруу), омүрдүн узактыгын, эмгек активдүүлүгүн, ишке жарамдуулукту ж. б. максатты коздогон мамл. ж-а коомдук чаралардын системасын камтыйт. РКП(б)нин 8-съезди кабыл алган (1919) программа сов. саламаттык сактоонун П-лык жолун аныктаган. П-нын принциптери «СССР жана союздаш республикалардын саламаттык сактоо боюнча закондорунда» (1969) корсотүлгөн. Алар: жугуштуу оорулар м-н күрөшүү ж-а алдын алуу; ондүрүштө, турмушта, санитария-гигиеналык эрежелерди сактоо; ондүрүштүк травмалар м-н *кесип оорулардын* алдын алуу; чөйрөнү (суу, жер, аба) коргоо; саламаттык сактоо мекемелерин ж-а мед. ондүрүштү кобойтүү; акысыз мед. жардам корсотүү; санаторий, профилакторий, пансионат, туристтик базалардын тармактарын кецейтүү; элди гигиеналык жактан тарбиялоо, физ-ра ж-а спортту өөрчүтүү ж. б. П. чараларын ишке ашыруу үчүн совет окмоту коп каражат жумшайт. Биздин өлкөдө оорукана, диспансер, поликлиника, амбулатория, аялдар ж-а балдар консультацияларды, төрөт үйү ж. б. дарылоо мекемелери элди акысыз тейлейт. Бүткүл П-лык эмдөөлөр, ага колдонулуучу кымбат баалуу бактерпол. препараттар (вакцина, гаммаглобулин ж. б.) акысыз жүргүзүлөт. Капит. өлкөлөрдө коомдук П. социалдык маселелердин күн тартибине кирбейт.

Ветеринариянында П. жугуштуу, жугушсуз ж-а инвазиялуу ылаңдын чыгышы м-н таралышына жол бербөөнү коздөйт. Ветеринария П-сы СССРдин вет. закондоруна ж-а вет. уставына ылайык жүргүзүлөт. П. чаралары жалпы ж-а атайын болуп болунөт. Жалпы П. малды маалында текшерип, ылаңдаганын озүнчө болуп, дарылап, дартты жок кылуу, короо-сарайды тазалоо, дезинфекциялоо сыяктуу чараларды камтыйт. Атайын П-га лабор-яда изилдоо аркылуу ылаңды аныктоо, түрдүү эмдоо, дегельминттөө, карантин чектоо ж. б. кирет. Эл чарбасында пестициддерди кецири пайдалануунун байланыштуу уукмага каршы П. маселеси да зор маанинге ээ болуунда.

Ад.: Соловьёв З. П., Вопросы социальной гигиены и здравоохранения. Избр. произв., М., 1970; Руководство по социальной гигиене и организации здравоохранения, под ред. Н. А. Виноградова, 3 изд., т. 1—2, М., 1974.

ПРОФИЛАКТОРИЙ — СССРде жумушчу ж-а кызматкерлерди иштеген ишинен айырбай дарылоо — профилактика чараларын жүргүзүүчү мекеме. Азыр П. ондүрүштөрдүн профсоюз уюмдары аркылуу уюштурулуп, оз коллективин акысыз дарылайт (кээде 30% толонөт). Терапиялык П-де журок, ичеги-карын оорулары м-н жабыркаган жумушчулар, кызматчылар дарыланышат. Туберкулёздук П. озүнчө диспансерлерде ачылып, жерг. саламаттык сактоо органдарынын карамагында. Айрым учурда психоневрологиялык, *венера оорулары* ж-а аракечтикке каршы П-лер

уюштурулат. Сов. медицинанын негизги профилактика түзгөндүктөн биздин өлкөдө П. тармагы тынымсыз өөрчүүдө. Акыркы жылдары П. айрым соц. мамлекеттерде уюштурулууда. Капит. өлкөлөрдө мындай мекемелер жок.

ПРОФСОЮЗДАРДЫН БҮТКҮЛ ДҮЙНӨЛҮК ФЕДЕРАЦИЯСЫ (ПБДФ) — профессиялык союздардын эл аралык демокр. бирикмеси. 1945-ж. 3-октябрда Профсоюздардын Бүткүл дүйн. 1-конгрессинде Парижде түзүлгөн. Адегенде ПБДФ дүйнөдөгү Эмгектин амер. федерациясынан башка бардык бир профсоюз. борборлорун бириктирген. 1949-ж. оңчулдар ПБДФтен чыгып, Эркин профсоюздардын эл аралык конфедерациясын түзүшкөн. Мындай кырк бузууларга карабай, ПБДФтин мүчөлөрү арбын, өз ишин кеңейтип, 1969-ж. профсоюздардын 150 млн мүчөсүн баш коштурган. ПБДФке СССР ж-а соц. башка өлкөлөрдүн профсоюздары, капит. өлкөдөгү профсоюздардын көбү, онгүн жактан жаш мамлекеттердин, колон. өлкөлөрдүн профсоюздары кирет.

1945-жылдагы уставы б-ча ПБДФтин милдеттери: дүйнөнүн профсоюздарын расасына, улутуна, диниие же саясий көз карашына карабай уюштуруу ж-а бириктирүү; социалдык, саясий ж-а экон. жактан арттагы өлкөлөрдүн жумушчуларын профсоюздарды түзүүгө үндөө; башкаруунун фаш. формасын биротоло жоюу үчүн, о. эле фашизмдин бардык көрүнүштөрүнө каршы күрөшүү; согушка, анын чыгыш себептерине каршы күрөшүү; бардык эл аралык уюмдарда бүткүл дүйн. эмгекчилердин мүдөөсүн коргоо; эмгекчилердин экон. ж-а социалдык укуктарын, экон. эркиндиктерин басмырлоого каршы бардык өлкөлөрдүн профсоюздарынын күрөшүн уюштуруу; эмгекчилерди жумуш м-н камсыз кылуу ж-а эмгек шартын жакшыртуу үчүн күрөшүү; эмгекчилерди социалдык камсыздандыруу ж-а профсоюздардын мүчөлөрүнүн арасында эмгекчилердин эл аралык биримдигин б-ча агартуу иштерин уюштуруу ж. б. ПБДФ түзүлгөндөн эле бул милдеттерин ишке ашыруу үчүн күрөшүүдө. Анын активдүү колдоосу м-н бардык континенттерде жаңы профсоюздар, жержерлерде профсоюздардын бирикмелери негизделген. ПБДФтин демилгеси м-н ар түрдүү маселелер б-ча конф-ялар откорүлүп, империализмдин колон. саясатына каршы дүйнөнүн эмгекчилеринин тилектештигин уюштурулган.

ПБДФтин жог. жетекчи органы — Профсоюздардын бүткүл дүйн. конгресстери. Алардын аралыгында Ген. совет, ал Бюро шайлайт, Бюро Ген. советтин пленумдарынын аралыгында иш жүргүзөт. ПБДФтин туруктуу өкүлдүк органы — Секретариат (1956-жылдан Прагада). ПБДФ «Всемирное профсоюзное движение» деген журнал, о. эле «Профсоюзная печать» деген бюллетень чыгарат.

Публ.: Устав ВФП, М., 1951; VII Всемирный конгресс профсоюзов, материалы и документы, М., 1970.
Ад.: Пименов П. Т., Всемирная федерация профсоюзов, М., 1965.

ПРОФСОЮЗДАРДЫН БҮТКҮЛ СОЮЗДУК БОРБОРДУК СОВЕТИ (ВЦСПС) — СССР профсоюздарынын съездер аралыгындагы органы. ВЦСПСтин мүчөлөрү ж-а мүчөлүгүнө кандидаттар 4 жылдык мөөнөткө съезд белгилеген санда съездде шайланат. СССР профсоюзунун 16-съездинде (1977) ВЦСПСке 393 мүчө ж-а 112 мүчөлүгүнө кандидат ж-а 60 адамдан турган Текшерүү комиссиясы шайланган. СССР профессиялык союздарынын Уставына ылайык ВЦСПСтин пленуму 6 айда бир жолу откорулот. ВЦСПС пленумдар аралыгында профсоюз иштерине жетекчилик кылуучу президиум (пред-ль, секретарь ж-а президиум мүчөлөрү), учурдагы уюштуруу ж-а аткаруу иштерин жүргүзүү үчүн секретариат шайлайт. ВЦСПС профсоюздун кезектеги милдеттерин белгилейт; эл чарба планын иштеп чыгууга катышат; соц. мелдешке ж-а коммунисттик эмгек кыймылына жетекчилик кылат; профсоюз советтери м-н комитеттеринин отчётун, о. эле мин-волордун, ведомстволордун ж-а мамл. комитеттердин өндүрүш, эмгек ж-а жумушчулар м-н кызматчыларды маданий-тиричилик жактан тейлоо б-ча докладдарын угат; закон чыгаруу органдарына айрым закондун ж-а Указдын долбоорун сунуш кылат, о. эле эмгек акы, социалдык камсыздандыруу, эмгекти коргоо, эмгекчилерди маданий ж-а тиричилик жактан тейлоо б-ча Мин. Советинин токтомунун долбоорун даярдоого ж-а талкуулоого катышат, кабыл алынган закон м-н чечимдердин аткарылышын контролдойт; эмгек ж-до кабыл алган законго түшүндүрмө берет; эмгекчилерди мамл. социалдык камсыздандырууга ж-а санаторий-курорттук тейлоого жетекчилик кылат. Профсоюздардын Бүткүл союздук, ил.-тех. өйлоп табуучулар ж-а рационализаторлор, ыктыярдуу спорт коомдоруна ж-а туризм өнүгүшүнө жетекчилик кылат. Профсоюз мектептерин ж-а курстарын уюштурат; профсоюздун бюджетин, о. эле мамл. социалдык камсыздандыруунун бюджетин бекитет; сов. профсоюздун өкүлү болуп эл аралык профсоюздук кыймылга катышып, анын атынан профсоюздардын эл аралык бирикмелерине кирет. ВЦСПСтин басма органы — «Труд» газетасы, «Советские профсоюзы» журналы ж. б. ВЦСПСтин карамагында «Профиздат» басмасы иштейт.

ПРОФСОЮЗДАРДЫН КЫЗЫЛ ИНТЕРНАЦИОНАЛЫ, профинтер — рев-ячыл профсоюздардын 1921—37-ж. иштеген эл аралык уюму. Профсоюздук ж-а өндүрүштүк уюмдардын 1921-ж. 3—19-июлда Москвада откон эл аралык конгрессинде түзүлүп, реформачыл лидерлер тарабынан Профсоюздардын Амстердам интернационалына кирүү укугунан четтетилген профсоюздарды бириктирген. Конгресс профсоюздардын «бейтараптык» теориясын четке кагып, Коминтерн м-н байланышты чыңдоону жактаган. Конгрессте Борб. совет, Аткаруу бюросу шайланган. П. к. и. В. И. Лениндин профсоюздар ж-догу окуусуна негизделген программасында (1921) бүткүл дүйнөнүн жумушчуларын капитализмди жоюуга, пролетариат диктатурасын орнотууга ж-а социализм үчүн күрөшкө чакырган. П. к. и. өз ишинде таптардын келишүүсүн жактаган реформачыларга ж-а реакциячыл профсоюздарда иштоодон баш тарткан «солчулдарга» каршы чыгып, дүйн. профсоюздук кыймылдын биримдиги үчүн күрөшкөн. П. к. и. көпчулук өлкөлөрдө профсоюздук кыймылдын сол канатын чыңдоого, пролетариаттын күрөшүн активдештирүүгө, аялдар, жаштар, дыйкандар кыймылын өнүктүрүүгө, спорт, агартуу, кооперация ж. б. уюмдарды түзүүгө жетишкен. П. к. и. 2—5-конгресстеринде Коминтердин чечимдерине ылайык жумушчуларды капитализмге, фашизмге каршы бириктүү фронт түзүүгө чакырып, жумушчулардын социалдык, саясий абалын жакшыртуу үчүн күрөшкөн. Бир катар өлкөлөрдө профсоюздар бириккен соц П. к. и-ныи ишн да аяктаган.

Ад.: Ленин В. И., Коммунизмдеги «солчулдуктун» балалык оорусу, Чыг., кырг. 1-бас., 31-т.; Адибеков Г. М., Красный интернационал профсоюзов, М., 1971.

ПРОФСОЮЗДАР ЖӨНҮНДӨГҮ ДИСКУССИЯ — Совет мамлекети Граждсогуштан тынчтык курулушка бөт алган мезгилде профсоюздардын ролу ж-а максаты тууралуу РКП(б)де 1920-жылдын ноябрынан 1921-жылдын мартына чейин өткөн талкуу. Алдыдагы милдеттер саясий, уюштуруу ж-а тарбия иштеринин методуру м-н формаларын шартка ылайыкташтырын өзгертүү маселесин талап кылган. РКП(б) БК *согуш коммунизм* саясатынан жаңы экон. саясатка өтүү шартын даярдап, эмгекчилердин чыгармачыл демилгесин арттыруу, аларды соц. курулушка тартуу б-ча чаралар иштеп чыккан. Бул шартта профсоюздардын ролу көтөрүлмөк эле. Буга БКнын мүчөсү Л. Д. Троцкий каршы чыккан. БКнын Пленуму (8—9-ноябрь, 1920) Троцкийдин тезистерин четке кагып, В. И. Ленинди сунушу б-ча профсоюздук демократияны жайылтуу чараларын иштеп чыгуу үчүн комиссия түзгөн. Троцкий парт. тартипти бузуп, партияга дискуссияны таңуулаган. Анын антипарт. чыгуусу РКП(б)нин ичинде оппозициячыл элементтерди жандандырган. Троцкийчилер профсоюз ишинде мажбурлоо, администрлик методду колдогон. «Жумушчу оппозициясы» (Шляпников, Коллонтай ж. б.) эл чарбасын башкаруунун мамлекеттик колунан «Өндүрүүчүлөрдүн бүткүл россиялык съездине» откорүп берүү керек деген анархо-синдикалисттик талап койгон. Алар соц. курулушка партия эмес, профсоюздар жетекчилик кылуулары тийиш деген. «Демократ централисттер» парт. ж-а мамл. тартипке, ишканада жекече башкарууга, башкаруудагы централизмге каршы чыгып, партиянын ичинде фракциялар м-н топтор эркин болсун, профсоюздар бюрократиялык жансыз перспе болбосун деп чыгышкан. Оппортун. топторго ж-а агымдарга каршы күрөштү В. И. Ленин баштаган РКП(б)нин көпчүлүк мүчөлөрү жүргүзгөн. В. И. Ленин бул топтордун ырк бузуучу оппортун. мүнөзүн ашкерелеп, профсоюздардын башкаруучу (устомдук кылуучу) таптын эң массалык уюму экенин, партияны масса м-н байланыштыруучу уюмдардын бири катары ото маанилүү роль ойной турганын, профсоюздар бүткүл ишин ынандыруу методдорунун негизинде жүргүзүүгө тийиш экенин көрсөткөн. «Бирок бул мамлекеттик уюм эмес,— деген Ленин,— бул мажбурлоо уюму эмес, бул — тарбиялоо уюму, ишке тартуучу, үйрөтүүчү уюм болуп саналат, бул — мектеп, башкаруу мектеби, кожоюндук кылуу мектеби, коммунизмдин мектеби болуп саналат» (Чыг., кырг. 1-бас., 32-т., 2-б.). РКП(б)нин 10-съезди (8—16-март, 1921) профсоюздар ж-догу дискуссиянын жыйынтыгын чыгарып, көпчүлүк добуш м-н Ленинди платформасын жактырган. Съезд бардык антипарт. топторду ашкерелеп, партияда кандайдыр бир фракциянын түзүлүшү мүмкүн эместигин белгилеген.

Ад.: Ленин В. И., Дискуссия. Профсоюздар жөнүндө партиядагы дискуссия (1920—1921), к. Справочный том, 1-болүк, 133-б.; Резолюция X съезда РКП(б): о единстве партии, о синдикалистском и анархистском уклоне в нашей партии, о роли и задачах профсоюзов, в кн.: КПСС в резолюциях, и решениях съездов, конференций и пленумов ЦК, 8 изд., т. 2, М., 1970.

ПРОХОРОВ Александр Михайлович [28. 6(11. 7). 1916-ж. т., Австралия, Атертон] — сов. физик, квант электроникасын негиздөөчүлөрдүн бири. СССР ИАнын акад. (1966; корр. мүчө, 1960), Президиум мүчөсү (1970). Соц. Эмг. Баатыры (1969). 1950-жылдан КПСС мүчөсү. Ленинград мамл. ун-тин бүтүргөн (1939). Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. 1946-жылдан СССР ИАнын Лебедев атн. Физика ин-тунда иштеген. МГУнун проф. (1959). 1969-жылдан Чоң Совет Энциклопедиясынын (3-бас.) Башкы редактору болуу м-н бирге 1973-жылдан СССР ИАнын астр-я, жалпы физика болүмүнүн академик-секретары. П-дун эмгектери термелүү теориясына, радиоспектроскопияга, квант физикасына арналган. М. Г. Басов м-н бирдикте кванттык системасынын жардамы м-н *электр-магниттик толкунду* генерирлөөнүн жаңы методун таап, биринчи мол. генераторду (мазер) түзгөн. Лениндик сыйл. (1959), Нобель сыйл. (1964) лауреаты. Эки Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.



А. М. Прохоров.

ПРОХОРОВ Алексей Николаевич (19. 1. 1923-ж. т., азыркы Воронеж обл., Поворинский р-ну, Рождественский кыш.) — эки жолу Сов. Союз. Баатыры (19. 4. 1945, 29. 6. 1945), полковник (1957). 1943-жылдан КПСС мүчөсү. 1940-жылдан Сов. Армияда. 1942-ж. Балашов аскер авиация мектебин, 1950-ж. Аскер аба (азыркы Ю. А. Гагарин атн.) академиясын бүткөн. Улуу Ата Мек. согуш (1941—45) убагында Ленинград ж-а 3-Белорус фронтторунда салгылашып, жоокер учкучтан авиац. полктун эскадрильясынын командирлигине чейин жеткен. 238 жолу согуштук учуш жасаган. Согуштан кийин ААКта жооптуу кызматтарда, 1967-жылдан окутуучу болуп иштеген. Ленин ордени, 3 Кызыл Туу, 1-дараж. Ата Мекендик Согуш, Александр Невский, 2 Кызыл Жылдыз ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

ПРОЦЕНТ (лат. procentum — жүз) математикада — берилген сандын жүздөн бир үлүшү. Белгилениши %. Мис., *a* санынын бир П-и $a \cdot \frac{1}{100}$, ал эми Р% ти $\frac{a}{100} \cdot p.1\% = 10^{-3} = 0{,}01$.

Бүтүн сандын миңден бир бөлүгү, б. а. П-тин ондон бир бөлүгү промилле деп аталат да, ‰ деп белгиленет. Чарб., финансылык, статистикалык эсептөөлөрдө каралуучу чоңдуктарды мүнөздөөдө ж-а салыштырууда П. түшүнүгү кеп колдонулат. Мис., жылына алгачкы акчанын Р% кошула турган шартта кассага *a* сумманы акча салынса, анда *t* жыл откондон кийинки акчанын суммасы $x = a\left(1 + \frac{pt}{100}\right)$ болот.

ПРОЦЕНТ ссудалык — карыз акчаны пайдалангандыгы үчүн карыз-кордон кредитор алуучу акы. Капитализмде П. өндүрүлгөн кошумча наркты же пайданын гана бөлүгүн түзөт. Сыртынан ал капиталдын туундусу катары, корүнүп, капит. эзүүчү чүмбөттөйт. Социализмде П.— ссуда, салым түрүндөгү акча каражатын пайдаланган-дыгы үчүн соц. ишкана өз пайдасынан же укуктуу таран же адам кирешесинен төлөөчү болүгү. П-ти соц. ишканалар, уюмдар банк ссудасы б-ча төлөйт. Ал ишканалардын, уюмдардын ж-а эмгекчилердин банктагы, сактык кассалардагы салымынан алынат.

ПРОЦЕСС (лат. processum — жылуу, илгерилөө дегенден) — 1) өнүгүү стадиясындагы абалдын ирети м-н алмашылып турушу; 2) кандайдыр натыйжага жетүү үчүн жасалган иш-аракеттердин жыйындысы (мис., өндүрүш П-и).

ПРОЦЕССТИ АЛГОРИТМДЕШТИРҮҮ — процесстин майда бөлүктөрүн, алардын ырааттуулугун ж-а өз ара байланышын билдирүүчү алгоритмди алуу үчүн ал процесстн матем. символдор тилинде жазуу. П. а. ыкмасы м-н алынган алгоритмдер ЭЭМде колдонулат. П. а. алгачкы процесске туура келген алгоритмди толук баяндап жазуудан башталат. Андан кийинки алгоритм формалаштырылат да, форма тилинде жазылып, ошонун негизинде тийиштүү кибернетикалык түзүлүштө пайдаланыла турган программа түзүлөт. Чыныгы процесстерди баяндай турган алгоритмдерди түзүүдө негизги эки маселеге — информацияны иштетүүнүн жакшы натыйжа бере турган системасын табуу ж-а *чоң системаларда* боло турган процесстерди матем. методдор м-н изилдөө маселелерине көңүл бурулат. Алгоритмдик баяндоонун элементтери болгон айрым операцияларды *программалоо* тилинде жазуу ыңгайлуу болот да, андан транслятор аркылуу белгилүү бир ЭЭМдин командасынын тилине которулат. Мында алгоритмдин бир операциясына ЭЭМдин бир нече операциясы туура келиши мүмкүн.


ПРУДОН Пьер Жозеф (15. 1. 1809, Безансон — 19. 1. 1865, Париж) — франц. майда бурж. социалист, анархизм теоретиги. Капит. ири менчик ж-дө «Менчик деген эмне?» чыгармасы м-н белгилүү болгон. П. 1844—45-ж. К. Маркс м-н таанышып, рев-ячыл позицияны жактагысы келген, бирок реформачыл майда бурж. утопиялык коз караштан чыга алган эмес. 1846-ж. «Экономиядагы карама-каршылык системасы же жакырдык философиясы» деген чыгармасында коомду рев-ясыз, реформа аркылуу кайра куруунун сунуш кылып, коммунизмди айыптаган. К. Маркс 1847-ж. П-дун идеяларына катуу сокку берген. П-дун майда бурж., анархисттик, реформачыл идеяларын М. Н. Бакунин, Э. Бернштейн, анархо-синдикализм, импер. реакциянын ж-а фашизмдин теоретиктери колдогон.

ПРУДОНИЗМ — майда бурж. социализмдин бир түрү; капитализмдин негизине катылбаган майда бурж. реформачылдык. Бул агым П. Ж. *Прудондун* философиясы м-н социологиялык коз караштарына негизделген. Прудончулар ири капит. менчиктн «уурулук» деп айыптап, бирок коммунизмди четке кагып, бирөөнүн эмгегинен пайдаланбай тапкан майда менчиктн жактан чыккан. Прудон таптык эзүүчү экон. реформалар ар-

кылуу жоюута, «социалдык рев-яны» тынч жол менен ишке ашыруруга болот деп эсептеп, саясий күрөштон баш тартканда ж-а мамлекетти жойгондо гана пролетариат м-н буржуазия кызматташа алат деп тыянак чыгарган. Прудон о. эле адилеттик идеяларын жайылтуу, адамды жакшыртуу, борборлошкон чоң мамлекеттерди майда автономия областтарга бөлүү м-н коомдук прогресске жетишүүгө болот деп эсептеген.

П. 19-к-да Франция ж. б. өлкөлөрдө тараган. П-ди К. Маркс, Ф. Энгельс ж-а алардын жолдоочулары идеялык жактан катуу сынга алган, ага каршы күрөш алып барган. *Париж коммунасынын* тажрыйбасы да П-дин негизсиздигин ашкерелеген. П-дин теориясын кийин анархисттер, анархо-синдикалисттер, реформисттер, оңчул социалисттер ж-а ревизионисттер уланткан.

ПРУЖИНА — *машиналык жана механизмдин* күч аракет кылганда серпилгич деформациянын эсебинен энергияны убактылуу өзүнө топтоочу тетиги. Күч аракетин токтоткондо П. топтолгон энергияны механизмге берет да, кайра өзүнүн алгачкы абалына келет. П. согуу учурунда энергияны жутуу, согуунун аракетин



Пружина: *а* — кысма; *б* — чоюлма; *в* — толгонмо; *г* — спираль; *д* — тарелка.

азайтууда, машиналардын дирилдешин болтурбоодо, механизмдерди кыймыла келтирүүдө ж. б. колдонулат. П. бурамалуу (цилиндр, конус, призма, фасондуу), балык, пластинка, тарелка, шакекче түрүндө болот. Күчүгө түрү б-ча чоюлма, кысма, толгонмо ж-а ийиме болуп айырмаланат.

ПРУССИЯ — согушчул-колониялык, милитаристтик ж-а реакциячыл немец мамлекети. Ал немец феодалдарынын 12—17-к-да Борб., Чыгыш ж-а Түш.-Чыгыш Европадагы каратууларынын натыйжасында Бранденбург курфюрстугу (12-к.) м-н Тевтон орденинин (13-к.) базасында пайда болгон. 1618-ж. Бранденбург-Пруссия мамлекети түзүлгөн. П. 1701-ж. Гогенцоллерндер династиясы бийлеген королдукка айланган. П-да инженердик мүдөөсүн көздөгөн милитаристтик полициялык-бюрократтык режим орногон. Фридрих Пияи тушунда (1740—86) П. армиясы Европадагы эң чоң армияга айланган. 18-к-дын 40-жылдарында Силезияны каратқан. Польшаны үч жолу болуштурүүгө (1772, 1793, 1795) катышып, Гданьск, Познань ж. б. жерлерди кошуп алган. 18-к-дын аягы — 19-к-дын башында рев-ячыл, кийин наполеондук Францияга каршы коалицияга катышкан. 1806-ж. Наполеон I тарабынан талкаланган. Вена трактаты б-ча 1815-ж. П-га Саксониянын бир бөлүгү, Рейндин райондору өткөн. 1848—49-жылдагы бурж.-демокр. рев-я монархия м-н реакцияны жоё алган эмес. 1850-жылы антидемокр. конституция юнкерлердин мүдөөсүн канааттандырган. Австрия-Пруссия (1866) ж-а Франция-Пруссия (1870—71) согуштарынан кийин П. Германияны пруссиялык милитаризм негизинде бириктирүүнү аяктаган. Пруссиялык ж-а германиялык милитаристтер биринчи дүйн. согуштун (1914—18) демилгечилеринен болгон. Германиядагы *Ноябрь революциясынын (1918)* натыйжасында П-да монархия куласа да, бирок сакталып калган реакциянын үстөмдүгү Германияда фаш. диктатуранын орношу м-н (1933) ото күчөгөн. Экинчи дүйн. согушта фаш. Германия жеңилип, *Потсдам конференциясынын (1945)* чечими б-ча мурда П. тартып алган поляк жерлери Польшага, Кёнигсберг ж-а ага чектеш райондор СССРге кайтарылып, П-ның калган аймагы Германияның составына кошулган. Германиядагы Контролдук советтин 1947-ж. 15-февралдагы кабыл алган закону б-ча П. мамлекети жоюлган.

Ад.: Ерусалимский А., Ликвидация прусского государства, М., 1947; Ротштейн Ф. А., Из истории прусско-германской империи, М.—Л., 1948.

ПРУСТ Марсель (10. 7. 1871, Париж — 18. 11. 1922, ошол эле жер) — француз жазуучусу. Түңүч новеллалары «Жыргалчылык жана мезгил» деген ат м-н 1896-ж. жарыяланган. П-тун негизги чыгармасы — ак соктор м-н буржуйлардын субъективдүү көңүл түйүгүн баяндаган «Жоголгон убакытты издеп» (1—16-т., 1913—27, кийинки 6 тому көзү өткөндөн кийин жарыяланган) аттуу жети романдын циклин түзгөн. Чыг-ларын батыш европалык декадентчил роман жанрынын өөрчүшүнө чоң таасир берген.

Чыг.: Собр. соч. В поисках за утраченным временем. Пер. с фр. А. В. Луначарского, [т. 1]. Вступ. ст. Н. Рыковой [т. 3, т. 1—4]. Л., 1934—38; По направлению к Свану. Пер. Н. Любимова. Предисл. Б. Сучкова], М., 1973.

Ад.: Воронский А., Марсель Пруст, в кн.: Печенье, М.—Л., 1929, сб. 6; Андреев Л. Г., М. Пруст, М., 1968; Днепров В., Искусство М. Пруста, «Иностранная литература», 1973, № 4.

ПРУСТИТ (француз химиги Ж. Л. Пруститтин ысымынан)—минерал. Хим. формуласы Ag_3AsS_3. Тригон системасында кристалдашат. Бир жактуу кристалдары. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 2—2,5. Тыгыздыгы 5570—5670 *кг/м*³. Боргошун, цинк-күмүш гидротерм кендеринде кездешет. Күмүш рудасынын негизги минералдарынын бири, бирок пираргирит минералына караганда аз таралган.

ПРУТ — УССРдеги дарыя, Черновцы ш-нан төмөн СССР (негизинен Молдаван ССРи) м-н Румыниянын чек арасы аркылуу агат. Дунайдын сол куймасы. Уз. 989 *км*, алабынын аянты 27,5 миң *км*². Чыгыш Карпат тоолорунан башталат. Жамгыр ж-а кар суулары менен куралат. Жылдык орт. чыгымы 80 *м*³/*сек*, эң көбү 5000 *м*³/*сек*, эң азы 15—20 *м*³/*сек*. Янв.—февралда тоңуп, марттын башында ачылат. Башкы куймалары: Раковец, Чугур (сол); Черемош, Жижия, Бахлуй (оң). Леово ш-на чейин кеме жүрөт. Жээгинде Яремча, Коломыя, Снятын, Черновцы, Новоселица, Унгены, Леово (СССР) ш-лары жайгашкан.

ПРЯНИШНИКОВ Дмитрий Николаевич [25. 10(6. 11). 1865, Кяхта ш., азыркы Бурят АССРи — 30. 4. 1948, Москва] — сов. агрохимик ж-а физиолог, СССР ИАнын акад. (1929; корр. мүчө, 1913). ВАСХНИЛдин акад. (1935), Соц. Эмг. Баатыры (1945). Москва ун-тин (1887), Пётр дыйканчылык ж-а токой академиясын (1889; азыр К. А. Тимирязев атн. а. ч. академиясы) бүтүргөн. Тимирязевдин шакирти. 1895-жылдан өмүрүнүн акырына чейин Москва а. ч. академиясынын агрохимия кафедрасынын башчысы. Бир катар ин-ттарда лекция окуп, ил. ш-н жүргүзгөн. Негизги эмгектери осумдуктун азыктанышына ж-а жер семирткичтерди колдонууга арналган. Ал осумдуктун азот м-н азыктанышы ж-дөгү теорияны, жерди семиртүү, жерг. ж-а минерал жер семирткичтерди айкалыш колдонуу системасын ж. б-ны иштеп чыккан. Аның «Агрохимия» аттуу колдомосу (СССР мамл. сыйл., 1941) дүйнөгө белгилүү. В. И. Ленин атн. сыйл. (1926) ыйгарылган. Эки Ленин ордени, башка 3 орден м-н сыйланган.

Чыг.: Жерди семиртүү жана которуштуруп айдоо жөнүндө. Фр., 1973.

Ад.: Дмитрий Николаевич Прянишников. М., 1972.

ПСАММИТ (гр. psammites — кумдуу, psámmos — кум), кумдуу тоо тек — составынын 50% ж-а андан көп болгуу ар түрдүү минерал м-н тоо тектердин 0,05—1 *мм* өлчөмдөгү майда бүртүкчолорунан турган тоо тек. Борпоң түрү кум, камдашканы кумдук деп аталат. Бир түрдүү (кварц, талаа шпаты) ж-а көп минералдардан (аркоздор, граувактар) турган П. болуп ажыратылат. Тоо тектердин талкаланып суу м-н агып барып бир жерге топтолушунан пайда болот (к. *Убаланду кыркасы*). Курулуш материалы катары пайдаланылат, кээде П. катмарларында нефть, газ, чаңда алмаз, алтын ж. б. топтолот.

ПСЕВДО... (гр. pseúdos — жалган) — таза, этимал, жалган, кээде жасалма деген маанилерди туюнтат.

ПСЕВДОМОРФОЗ (*псевдо...* ж-а гр. morphe — түр, форма), жалган форма — сырткы формасы минералдын ички структурасына ж-а составына туура келбеген кристаллдык түзүлүш. Эки же андан көп минералдык жаралуу стадиясындагы кошулуусунда бирөө өзүнө тиешелүү формада кристалланбай, башкасының кристаллы б-ча осушүнөн (көңдөйлөнгөн ички толтуруп же сырткы кебетени жаап калышынан) пайда болот. Мис., циркиттин өзүнө мүнөздүү куб формасында эмес, марказиттин кристаллы б-ча ромб түрүндө болушу ж. б. Бир минерал экинчисинин ордунда кристалланса жонокой П., бир нече минерал агрегатынан түзүлсө татаал П. деп аталат. Пайда болушуна жараша өзгөрүлмө П., орун котормо П., толтурулма П., капталма П. ж. б. болуп бөлүнөт. Минералдардын өзгөрүү закон ченемин аныктоодо, алгачкы шарттарды ж-а жүргөн хим. реакцияларды билүүдө П-ду изилдөөнүн маанисси чоң.

ПСЕВДОНИМ (*псевдо...* ж-а гр. ónyma — ат дегенден) — автордун же артисттин өз чыгармасын жарыкка чыгарууда ойлоп тапкан башка аты. Ал өз убагында цензуранын, каршылап тантын кысымынан, куугунтуктоосунан улам аларды жазгыруу, жашырынуу максатынан келип чыккан. П-ди ыйгарып алуунун 50дөй түрү бар. СССРде П. автордук укук тарабынан атайын бекитилет.

Ад.: Масанов И. Ф., Словарь псевдонимов русских писателей, учёных и общественных деятелей, т. 1—4, М., 1956—60; Дмитриев В. Г., Скрывшие своё имя. Из истории псевдонимов и анонимов, М., 1970.

ПСЕФИТ (гр. psephos — майда таш, шагыл), кесек бүртүкчолуу тоо тек — өлчөмү 1 *мм*ден чоң бүртүкчолордон турган тоо тек. Бүртүкчолор (болүкчолор) сүрүлүп жумуланган (кой таш, шагыл), жылмаланбай кырлуу (коргул таш, сандык таш) болот. Борпоң (шагыл, галечник) ж-а камдашкан (конгломерат, гравелит, брекчия) сыяктуу түрлөрго болунот. П. көбүнчө тоо жеринде, суу ороондорүндө, деңиз жээктеринде пайда болот. Айрым түрү курулушка колдонулат.

ПСЕЛ, Псиол, Песл, Песел — РСФСР м-н УССРдеги дарыя, Днепрдин сол куймасы. Уз. 717 *км*, алабынын аянты 22,8 миң *км*². Орто Орус дөңсөөсүнөн башталып, Днепродзержинский суу сактагычына куят. Жайылмасы кеңири. Негизинен кар суулары менен куралат. Жылдык орт. чыгымы чатынан 36 *км* жогору 55 *м*³/*сек*. Декабрда тоңуп, февр.— апр. айларында ачылат. Башкы куймасы — Хорол (оң). Жээгинде Обоянь, Сумы, Гадяч ш-лары орун алган.

ПСИЛОМЕЛАН (гр. psilós — жылаңач, жылма ж-а mélanos — кара) — марганецтик татаал суулуу кычкылдар тобундагы минерал. Болжолдонгон хим. формуласы: $BaMn^{2+}Mn_9^{4+}O_{20}\cdot 3H_2O$ же $(Ba, Mn^{2+})_3(O, OH)_6Mn_8^{4+}O_{16}$. Моноклин системасында кристалданат. Оңу кара, боз, каралжын. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 1—3; тыгыздыгы 4000—4710 *кг/м*³. Чокмо, кээде гидротерм жолу м-н пайда болот. Марганец рудасының кычкылдануу зонасында да кезигет. П.— марганец рудасы.

ПСИЛОФИТТЕР (Psilophyta, гр. psilós — жылаңач ж-а phytón — өсүмдүк), риниофиттер — силур, томонку ж-а ортоңку девон доорунда өсүп, тукум курут болгон татаал түзүлүштүү өсүмдүктөр болүмү. П-ге жалбырак ж-а тамырдын жок болушу, спорангийи бутагынын эң чокусуна жайгашуусу мүнөздүү. Сабагында үтүрү бар. П. татаал түзүлүштүү өсүмдүктөрдүн түпкү теги болуп эсептелет.

ПСИХАСТЕНИЯ (*психо...* ж-а гр. asthéneia — алсыз) — психиканын жазганчаак, коркок, ар кандай ойлор м-н алек болуу м-н мүнөздөлгөн бузулушу. Аны 1-жолу 1903-ж. француз врачы П. Жане сыпаттап жазган. И. П. *Павловдун* окуусу б-ча П-ның негизинде *биринчи сигналдык система* м-н *мээ кыртышынын* астындагы болүктөрдүн функциясының начарлашы ж-а *экинчи сигналдык системанын* үстөмдүк кылышы жатат. Ооругандарга курулай коркоктук, уяңдык, демилгесиздик мүнөздүү. Алар өзүлөрүнө ишенбегендиктен жасаган иштерин кайрадан текшере берет. П-да акыл эс өзгөрүлбөйт. Негизги дарылоо методу — психотерапия, о. эле сеп алдыруучу ж. б. дарыларды колдонуу.

Ад.: Озерецковский Д. С., Навязчивые состояния, М., 1950; Кербиков О. В., К учению о динамике психопатий, Избр. труды, М., 1971.

ПСИХИАТРИЯ (*психо...* ж-а гр. iatréia — дарылоо) — медицинанын психикалык оорулардын себебин, оорчүшүн, алдын алуу чараларын ж-а аларды дарылоону изилдөөчү тармагы. Анын негизги методу — клиникалык изилдөө. П. жалпы (психикалык оорулардын негизги белгилерин изилдөөчү) ж-а жеке (айрым психикалык ооруларды изилдөөчү) болуп бөлүнөт. О. эле балдар П-сы, карылар П-сы, аскер П-сы, соттук П., наркология (*баңгилик, аракечтик* маселелерине байланыштуу) болүктөрү бар. П. *психология, патологиялык анатомия, биохимия* м-н байланыштуу. Ал өзүнчө ил. тармак болуп 18-к-дын аягы — 19-к-дын башында калыптанган. Россияда П-ның өнүгүшүнө И. М. Балинский, С. С. Корсаков, И. П. Мержеевский, В. М. Бехтерев, В. Х. Кандинский ж. б. зор салым кошушкан. Сов. илимпоздор В. А. Гиляровский, Я. К. Краснушкин, А. У. Снижневский ж. б. психикалык оорулардын пайда болушун, *диагностика* м-н дарылоонун комплекстүү методдорун изилдешкен. СССРде П. б-ча ил. борбор: СССР МИАнын Психиатрия ин-ту, мед. ин-ттардагы кафедралар ж. б. СССРде Невропатологдор м-н психиатрлорду бүткүл союздук коому (1927) негиздөлгөн. П-ның маселелерин «Журнал невропатологии и психиатрии им. С. С. Корсакова» жарыялайт.



Д. Н. Прянишников.

Ад.: Юдин Т. И., Очерки истории отечественной психиатрии, М., 1951; Ганнушкин П. Б., Избранные труды, М., 1964.

ПСИХИКА (гр. psychikós — көңүл, жан) — объективдүү дүйнөнү чагылтуудагы мээнин өзгөчө касиети (функциясы). Идеализм П-ны *материяга* каршы туруп, аны өзүнө багындырган өзгөчө рухий субстанция катары карайт, ал эми диалек. материализм П-ны жог. материянын — мээнин функциясы ж-а продуктусу деп аныктайт. П. материянын тирүү формасына гана таандык. Ал организмдин айлана-чөйрө м-н байланышынан, нерв системасынын ж-а мээнин пайда болушунан ж-а онтогенезинен келип чыккан. Адамдын П-сы — коомдук тарыхый өнүгүштүн натыйжасы. Адамдын коомдук-эмгек практикасында гана П-ның адамга тийиштүү жог. формасы — аң-сезим пайда болгон. Мээнин тышкы дүйнөнү чагылдыруусу — пассивдүү эмес, активдүү процесс. Дүйнө таануу кабылдоо ж-а баамдоо аркылуу башталып, андан тилдин жардамы м-н ойломго өтөт. Дүйнө таануунун негизи перце м-н кубулуштун маңызын аңдап билүү болуп саналат. П.— психологиянын изилдөө предмети.

Ад. к. *Психология* макаласынан.

ПСИХИКАЛЫК ООРУЛАР, жин оорулар — адамдын психикасынын бузулушу м-н мүнөздөлгөн оорулар. Мында аң-сезим өзгөрүлүп, адамдарга жасаган мамилеси ж-а жүрүш-турушу бузулат. П. о-га *галлюцинация*, ойлонуунун бузулушу (жеолуу, ойдо жок нерселер пайда болуу), көңүл ачылбоо (депрессия), аң-сезими начарлоо, унутчаактык ж. б. мүнөздүү. Буга тукум кууучтук, организмдин ууланышы, мээ оорулары ж. б. себеп болот. Алар психоздор (шизофрения ж. б-да), нерв-психикалык бузулуу *(невроздор, психопатия, баңгилик)* ж-а *кем акылдык* болуп бөлүнөт. Бул оорулар кээде кармай калып, анан оорулуу айыгып кетиши мүмкүн. Кээде өнөкөт психоздорго айланып, акыл-эстен ажыроого алып келет. П. о-ды дарылоодо нейролептик каражаттар ж-а психикага таасир этүүчү дарылар, психотерапия колдонулат. СССРде бул оорууларды дарылоо үчүн психиатриялык ооруканалар, диспансерлер, эмгек м-н дарылоо оноркаиалары ачылган.

Ад.: Кербиков О. В., Избр. труды, М., 1971; Гиляровский В. А., Петраков Б. Д., Психическая заболевае-

мость в некоторых странах в XX в., М., 1972.

ПСИХО... (гр. psychē — жан дегенден) — татаал создердун башкы болугу; «психика» дегенге тиешелуу маани туюндурат. Мис., *психология, психотерапия.*

ПСИХОАНАЛИЗ — нерв, психика ооруларын айыктыруунун З. *Фрейд* негиздеген жалпы теориясы ж-а ыгы; *фрейдизмдин* теориялык негиздеринин бири. П. 6-ча адамдын рухий дүйнөсүндө бейаң (бессознательное) үстомдук кылат. Аны психиканын терецинде коомдук тыюулардын системасы карман турат. Бирок бейаң айрым учурда «цензураны» буйтап өтүп, калп ж-а жацылыш кеп, невроздук симптом ж. б. түрүндө баамга урунат. Алар сыртынан мааниси, акылга сыйбас көрүнгөну м-н нары жагында «накта» мааниге ээ. П. бейаң кубулуштардын мааниси ачуугa «эркин ассоциация», түштү ж-а жацылыш кепти түшүндүрүү сыяктуу ыктарды колдонот. Фрейд (өмүрүнүн акыркы жылдарында) ж-а аның шакирттери П-дин субъективдүү ыктарын коомдук кубулуштарды ыктоого колдонуп, ар кандай окуяны бир кишинин же жалпы журттун бейаң мүдөөлөрүнүн натыйжасы катары түшүндүрүшкөн. Марксчыл-ленинчил философия П-дин бир беткей, калпыс тыянактарын ашкерелейт.

Ад.: Бассин Ф. В., Проблема «бессознательного», М., 1968.

ПСИХОЛИНГВИСТИКА — кептин (сүйлөөнүн) пайда болуу (порождение) ж-а аны кабыл алуу закон ченемдери ж-догу илим. Лингвистика м-н салттуу психологиянын күчү жеткен практикалык маселелерди чечүү зарылдыгынан келип чыккан. Ал маселелерге кептин (речтин) жардамы м-н журттун укка таасир этүү, инженердик психологияга тиешелуу милдеттер, чет тилди үйрөтүүнү интенсивдештирүү ж. б. кирет. СССРде П. 60-жылдары Л. С. Выготскийдин психол. мектебинин ж-а Л. В. Щербадан бери келаткан лингв. салттын ацызында пайда болгон. Сов. П. (кээде тил кызматынын теориясы деп да аталат) тилди ш-аракетти (деятельность) уюштуруунун жалпы закон ченемдерине багынуучу адамдын ацсезимдүү же максаттуу ш-аракетинин бир түрү катары карайт. Анын негизги изилдөө багыттары: речтик айтымдардын (высказывание) граммат. модели; тилдин семантикасын андан билүүнүн ж-а кабыл алуунун механизми; соз түшүнүүнү ыктымалына карай уюштуруу. Пикирлешүүнүн психологиясына байланыштуу маселелерди, бүтүн ж-а байланыштуу тексттин түзүлүш закон ченемдерин изилдөө да П-ныш ичине кирет.

Ад.: Леонтьев А. А., Психолингвистика, Л., 1967; Речевое воздействие, М., 1972; Психолингвистика за рубежом, М., 1972; Основы теории речевой деятельности, М., 1974.

ПСИХОЛОГИЯ *(психо... ж-а ...логия* дегенден) — адамдын ш-аракет ж-а айбанаттын жүрүм-турум процессинде индивид тарабынан объективдүү дүйнөнү *психикада* чагылдыруу закондору ж-догу илим. П. адам ж-а айбан психикасынын филогенездик (к. *Филогенез*) ж-а онтогенездик (к. *Онтогенез*) өнүгүшүн изилдейт, ошентсе да П-ныш эң башкы изилдөө предмети — адам психикасы, анын эң жог. формасы болгон аң-сезим. Бирок П. аң-сезимдүү ж-а аңдалбаган психикалык чагылдыруу формаларынын байланышын да иликтейт. П-ныш дагы бир маанилүү маселеси — адамдын ички дүйнөсүндө өтүүчү процесстерди тескеп-териштирүү. Ушул багыттагы изилдоолордун натыйжасында адамдын тышкы (практикалык) кыймыл-аракеттери м-н ички (акылдагы ж-а сезимдеги) аракеттери чагыш теги, түзүлүшү, айрым функциялары жагынан окшош экендиги, о. эле алар бири бирине өтүп турары далилденди. Ал эми П-га *ш-аракет* (деятельность) түшүнүгүнүн кириши м-н адам психикасынын өнүгүшүндөгү биол. ж-а коомдук факторлордун өз ара катышы ж-дө маселе туура чечилди.

Психологияда *туюм, кабылдоо, эс, ойлом* сыяктуу таанын процесстери жакшы изилденди. Алар субъектинин предметтик ш-аракетинин ар кыл түрлөрү болуп, келип чыгыш же функция жагынан тышкы ш-аракет, практика м-н тыгыз байланыштуу экени ачылды. Ал эми ш-аракеттин ичинен жонго салыныш, асыресе муктаждык, мотив, аракет-эрк процесстери, маселелери бир топ изилденсе да, бир жакысыл чечиле элек. П-да адам (личность) маселесин изилдөөго да көп көңүл бурулууда. Буга байланыштуу изилдөөлөр үч багытта — дифференциялуу-психол. (индивид. өзгөчөлүктөрүн изилдөө), онтогенездик (жеке адамдын балалык, тестиер ж-а оспүрүм чагында калыптанышын изилдөө), жалпы психол. (жеке адамды бүтүн бойдон мүнөздөө) багыттарда өнүгүп жатат.

П.— эксперименттик илим. Анда лабор-ялык тажрыйба чоң мааниге ээ. Андан тышкары П-да байкоо, ш-аракеттин туундуларын талдоо, салыштырма-генезис методу, калыптандыруучу эксперимент, психол. тестер (сыноолор), интервью алуу, анкеталоо сыяктуу методикалык жолжоболор ж-а ыкмалар колдонулат. Эксперименттик П-ныш өнүгүшүнө мед. техникасындагы, электроникадагы, матем. моделдоодогу жетишкендиктер да таасир тийгизүүдө. Ошону м-н катар П-да эски метод — интроспекция (өзүн өзү байкоо) да күчүн жогото элек.

Азыркы П-ныш кеңири өрүш алышы, анын тарам-тарамга ажырашына, б. а. жалпы П. м-н катар атайын тармактардын пайда болушуна алып келди. 19-к-дын 2-жарымында психофизиология жаралып, азыркы учурда бийик деңгээлге көтөрүлдү. Кийинчерээк зоопсихология, *медициналык психология, балдар психологиясы* ж-а педагогикалык психология, *курак психологиясы, эмгек психологиясы,* спорт психологиясы, *социалдык психология, инженердик психология, космос психологиясы* ж. б. өнүгүп чыкты.

Психика ж-дө ил. көз караштын өбөлгөсү байыркы мезгилде (Индия, Кытай, Египет, Вавилония, Греция, Грузия) эле пайда болгон. Байыркы грек врачтары мээ ж-а темперамент ж-догу окууну өнүктүрүшкөн. Кийинчерээк *Аристотель* психол. түшүнүктөрдүн биринчи системасын түзгөн. Феодализм түшүндө араб тилинде жазган илимпоздор П-га тиешелуу айрым пикирлер айтышкан. 17—18-к-да психикалык ш-аракетке детерминизм позициясынан мамиле жасала баштаган. П-лык илимдин өнүгүшүнө Р. *Декарт*, Т. *Гоббс*, Б. *Спиноза*, Г. *Лейбниц*, Д. *Дидро*, К. *Гельвеций*, И. М. *Сеченов*, Ч. *Дарвин*, И. П. *Павлов* ж. б. чоң салым кошкон. 19—20-к. чегинде австриялык врач З. Фрейд *психоанализ* теориясын негиздеген; Америкада П-ныш *бихевиоризм*, Батыш Европада *гештальтпсихология* агымдары пайда болгон. Капит. олколордогу азыркы П-да негизги ил. мектептердин ж-а багыттардын ыдыраганы байкалат. Алардын эң негизгиси — неофрейдизм. Бирок капит. олколордо Ж. Пиаже (Швейцария), Ж. Политцер, А. Валлон, Л. Сев (Франция), К. Хольцкамп (ГФР) ж. б. сыяктуу белгилүү психологдор бар.

СССРде П. илими Окт. рев-ясынан кийин дүркүрөп өнүктү. Марксизм сов. П-ныш методол. негизине айланды. П. илимининн өнүп-өсүшүнө Л. С. Выготский ж-а аның шакирттери (А. Н. *Леонтьев*, А. Р. *Лурия*), К. Н. Корнилов, П. П. Блонский, Б. Г. Ананьев, Б. М. Теплов, С. Л. Рубинштейн, А. А. Смирнов ж. б. илимпоздор чоң салым кошкон. Марксчик методологияга таянып, сов. ж-а соц. олколордун психологдору П-ныш актуалдуу проблемаларын соц. ж-а коммунисттик курулуштун милдеттери м-н тыгыз байланышта терең изилдешүүдө.

Ад.: Ярошевский М. Г., История психологии, М., 1966; его же, Психология в 20 столетии, М., 1974; Петровский А. В., История советской психологии, М., 1967; Экспериментальная психология, ред. сост. П. Фресс и Ж. Пиаже, пер. с франц., в. 1—5, М., 1966—75.

ПСИХОПАТИЯ *(психо...* ж-а гр. *páthos*—оору, азап чегүү), патология-лык мүнөз — психикалык ооруларды тобу. П. м-н кадимки мүнөздү ачык ажыратып билүүгө болбойт. Өзүнчө пайда боло турган ооруларга салыштырганда П. адамда өмүр бою туруктуу болот, бирок психикалык функциялардын кескин бузулушуна (жоолуу, галлюцинация ж. б.) алып келбейт. П-га тукум куучулук, баланын торотто майып болушу, туура эмес тарбия, социалдык терс таасирлер себеп болушу мүмкүн. П-ныш астениялык (таасирге тез бериш, ачуусу тез келет, чечкиндүү эмес, кыяпаанчаак болот), психастениялык (курулай коркуу, өз оюнун ж-а кыймыл-аракетинин тууралыгына шектенүү ж. б.), бат козголуучу (өзүн өзү кармай албай, каардаңып, ачуусу бат келип, бирого кол салуудан кайра тартпайт), параноялдык (кандайдыр жог. идея ээдеет, башкаларга караганда өз идеясы артык, жогору турган-сыйт) ж. б. түрлөрү болот. П-ны алдын алуу ж-а дарылоо үчүн оболу бала кезден туура тарбиялоо, үй-бүлөдө, мектепте, өндүрүштө туура мамиле жасоо зарыл.

Ад.: Кербиков О. В., К учению о динамике психопатий, М., 1971.

ПСИХОТЕРАПИЯ *(психо...* ж-а гр. therapéia — дарылоо) — оорулуунун дарылоого багытталган психикалык таасир этүү системасы. П-ныш максаты оорулуу абалды жоюу, оорулуунун өзүнө, өзүнүн абалына ж-а айлана чойрого жасаган мамилелерин өзгөртүү. Оорулуу адамдын психикасына таасир этүү мүмкүндүгү бар экендиги илгертен эле белгилүү. Ил. П. 19-к-дын 40-жылдарында пайда боло баштаган. П-ныш теориялык негизделишине ж-а практикада ишке жүзүнө ашырылышына Ж. М. Шарко-нун, В. М. Бехтеревдин изилдоолору көп жардам берген. П-ныш оорчүшүнө психоанализ методу да белгилүү таасир тийгизген. СССРде П. мед. психологиянын, *жогорку нерв ишинин* физиологиясынын, эксперименттик методдорун изилдоолору м-н негизделет. П. жалпы, жекече же атайын болуп болүнөт. Жалпы П.— оорулуу адамдын ооруга каршы күч кубатын чыңоо (врачтын оорулуу адамга кылдат мамилеси, дарылоочу ооруканадагы психол. климатты жакшыртуу ж. б.). Жекече П.— оорулуу адамга соз м-н же гипноз аркылуу түшүндүрүү, ишендирип айтуу. Оорулуу адам м-н жакшы эмоциялык байланыш болмоюнча П. эч пайда бербейт.

Ад.: Руководство по психотерапии, под ред. В. Е. Рожнова, М., 1974.


ПСИХОФАРМАКОЛОГИЯ *(психо...* ж-а *фармаколоия* дегенден) — медицинанын *психикага* таасир этүүчү дарыларды таап, алардын натыйжалуулугун изилдөөчү болүгү. Теориялык П. биохимиянын, нейрофизиологиянын ж-а фармакологиянын методдорун пайдалануу м-н өнүгүүдө. Азыркы П-да психофармакокинетика, психофармакогенетика сыяктуу тармактар пайда болууда. П. психиатрияда чоң роль ойнойт. «П.» терминин 1920-ж. немец илимпозу Д. Махт киргизген. 1952-жылдан П. өзүнчө ил. тармак катары өнүккөн. Француз фармакологу Ф. Курвуазье ж-а хирург А. М. Лабори нейролептик каражаттардын бири — хлорпромозинди каснетин ачып, П-га чоң салым кошкон. Ал дарыны француз психиатрлары Ж. Деле, П. Деникер ж. б. психикалык ооруларды дарылоодо колдонуп, жакшы натыйжалар алган. П-ныш методдоруп психоздорду айыктырууда колдонуу жаңы агым — фармакопсихиатрияны пайда кылды.

Ад.: Темков И., Киров К., Клиническая психофармакология, пер. с болг., М., 1971; Авруцкий Г. Я., Гурович И. Я., Громова В. В., Фармакотерапия психических заболеваний, М., 1974.

ПСИХОФИЗИКА—психологиядагы сезүү органдарынын психофизиологиясын изилдөөчү багыт. Ал таасир күчү (дүүлүктүргүч күч) м-н сезүү даражасынын арасындагы катышты математ. закондор негизинде туюнтууга аракет кылат. Бул багытты оорчүтүүгө француз физиги П. Бутер (1698—1758), немец физиологу Э. Вебер (1795—1878) салым кошкон. П-ныш аныкталган багытын немец философу ж-а физиги Г. Фехнер (1801—87) негиздеген. Ал дүүлүктүргүч күч м-н сезүү даражасынын ортосундагы логарифмдик көз карандылык законун ачкан. П-ны өзүнчө илим катары болүүгө болгон аракет ордунан чыккан эмес. Анын негизги кемчилиги татаал процесстерди физиол. закон ченемден ажыратып караганды-гында. П. бекемдеген кээ бир болүктөр биофизикада жацыча түшүндүрүлөт.

ПСИХОФИЗИОЛОГИЯ *(психо... ж-а физиология)* — психиканын материалдык негиздерин ж-а психикалык процесстер м-н алардын физиол. негиздеринин өз ара карым-катышына тийиштүү маселелерди изилдөөчү илим тармагы. «П.» терминин биринчи 1830-ж. француз философу И. Массиас (1764—1848) киргизген. Түрдүү мээгилде П. психикалык процесстердин мээдеги «борбору» ж-дө окуу, эмоциянын нервдик ж-а гуморалдык механизмдерин изилдөө ж. б. катары түрдүүчө түшүнүлгөн. Сезүү органдарынын П-сы өзгөчө кеңири тараган. П. бир катар баалуу эксперименттик маалыматтарды берген, бирок идеалисттик теориянын тут-кунунда өнүккөн. Психиканын материалдык негиздерин чыныгы ил. мааниси И. М. *Сеченов* м-н И. П. *Павловдун* матер. физиология окуусунун позициясында гана туура түшүнүү мүмкүн.

ПСИХРОМЕТР (гр. psychrós — муздак, суук ж-а *...метр*) — абанын нымдуулугун ж-а темп-расын аныктоочу прибор. П. кургак ж-а нымдалган эки термометрден турат. Алардын көрсөтүүлөрү б-ча П-лик таблица ж-а график м-н абанын абс. ж-а салыштырма нымдуулугу, шүүдүрүм чекити, абадагы буунун басымы аныкталат. П-дин станциялык, аспирациялык ж-а аралыктык түрлөрү бар. Станциялык П-де термометрлер метеорол. жайда атайын штативге бекитилет. Аспирациялык П-де термометрлер бузулуудан ж-а күн нурунан коргоочу атайын алкакка орнотулат. Аралыктык П-де каршылык термометри, термистор ж-а термопара колдонулат.



Аспирация психрометринин тышкы көрүнүшү: *1*— термометр; *2* — аспиратор; *3* — түтүк.

ПСКЕМ — Өзбек ССРинин Ташкен обл-ндагы дарыя, Чырчык д-нын оң түзүүчүсү. Уз. 149 *км* (Ой-Кайыңдын башынан), алабынын аянты 2830 *км²*. Майдан-Тал м-н Пскем тоолорунан башталган Майдан-Тал ж-а Ой-Кайың сууларынын кошулушунан пайда болуп, Пскем ж-а Угам кырка тоолорунун ортосу м-н түш.-батышка агат. Алабында жалпы аянты 130 *км²* болгон 140тан ашык майда моцгу бар. Кар, моцгу ж-а жамгыр сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 82 *м³/сек*, эң көбү 700 *м³/сек*, эң азы 10 *м³/сек*. Суусу мартта кире баштап, июнь—июлда ташкындайт, янв.—февралда тартылат. Ири куймалары: Ихрач-Сай, Каракыз-Сай, Тепар-Сай, Акчар-Сай ж. б. Чатына жакын Чарвак ГЭСи курулган.

ПСКЕМ КЫРКА ТООСУ *Түштүк-Батыш Тянь-Шанда*, Кыргыз ССРи м-н Өзбек ССРинин чек арасында. Түндүктөн түш.-батышты карай 160 *км* аралыкка созулуп жатат. Орт. бийикт. 3200 *м*, эң бийик жери 4299 *м* (Беш-Тор чокусу). Негизинен акиташ теги, сланец ж-а гранит тоо текторинен түзүлгөн. Пскем катмары м-н сандалаш свитасы титан, ванадий, марганец, алтын ж. б. кендерди табууга перспективалуу. Ландшафты бийиктик б-ча өзгөрөт. Тоо этектеринде дарыя өрөөндөрүндө (1300—2600 *м* бийиктикте) арча, бадал ж-а тал, андан жогору (3500 *мге* чейин) алын ж-а субалын шалбаасы өзөлейт. 3500 *мден* жогору майда моцгулор бар.

ПСКОВ — РСФСРдин Псков обл-нын борбору, шаар. Автомобиль ж-а т. ж-дор тоому. Калкы 176 мин (1979).

П. биринчи жолу 903-ж. «Жылдар баянында» эскерилет. 12-к-дан Новгород феод. респ-касынын составында. 13—16-к-да ички ж-а тышкы соодanын, о. эле кол өнөрчүлүктүн ири очогу болгон. 1348-ж. Псков феод. респ-касынын өз алдынча княздыгынын борбору; 1510-жылдан борбордошкон орус мамлекетинин составында. 1608—11-ж. көтөрүлүштөр ж-а *Псков көтөрүлүшү (1650)* чыккан. Петербург түзүлгөндөн ж-а Белоруссия Россияга кошулгандан кийин П. начарлай баштаган. 1900-жылдын 26-февралынан 20-майына чейин П-до В. И. Ленин жашаган (апрелде «Искра» газетасын чыгарууга жардамдашуу б-ча рев-ячыл марксисттер ж-а «легалдуу марксисттер» м-н кецешме откорген). 1917-ж. 2(15)-мартта П-до падыша Николай II тактыдан баш тарткан. 1917-ж. октябрда Совет бийлиги орногон. Улуу

Ата Мек. согуштун мезгилинде (9. 7. 1941—2. 7. 1944) П-ду фашист немецтер басып алган. 1944-ж. 23-июлда сов. армия бошоткон. 1944-ж. 23-августтан П.— областтын борбору. Машина куруу — П-дун ө. ж-ның негизги тармагы. Электр жабдуу, радио тетик, телефон ж-а алыскы байланыш аппаратуралары, жасалма ж-а синтет. була иштеп чыгаруучу машина ж. б. з-ддор иштейт. Жеңил (өзгөчө зыгыр иштетүү) ж-а тамак-аш о. ж. өнүккөн. Курулуш материалдарын чыгарат.

Шаарды Улуу ж-а Пскова д-лары 3 бөлүккө болот: Борб., Завеличье, Запсковье. 13-к-дан Псковдун байыркы бөлүгүндө—кремль жайгашкан тарыхый борбордо таш дубал курулган (Кромадагы Троицкий собору, 1682—99). Шаар өскөн сайын курулган таш дубалдар шаардын жаңы райондорун курчап турган: Довмонтов шаары (1266), Орто шаар (1309—75), Запсковье (1465), Четтеги шаар (1465). 16-к-дан дубал кеңейтилип, узундугу 9 *км*ге жеткен, 1524-ж. Гремячая аттуу монумент мунара курулган. П-дун байыркы курулуштары (Мирожский собору, 1156; Иванов, 1243; Снетогорский, 1310 ж. б.) новгород мектебиндеги монументтик монастырь соборлоруна окшош кетет. 14—16-к-да Псков мектебине мүнөздүү аки таш аралашмаларынан коңгуроолуу чиркөөлөр курулган. 1778-жылдан П-дун башкы көчөлөрүндө классицизм стилинде 2 кабат таш ж-а жыгач үйлөр көтөрүлөт. Улуу Ата Мек. согуштан кийин (1941—45) П. кайра калыбына келтирилип, жаңы ген. план б-ча (1971, архитектор Г. П. Боренко, Н. В. Баранов ж. б.) арх-ра эстеликтеринин жайгашуусу эске алынып, коомдук ж-а турак жайлар курулуп жатат. Некрасов көчөсүндөгү Советтер үйүнүн (1945, скульптор М. Г. Манизер) ж-а Ленин аянтындагы пед. ин-ттун имаратынын жанында (1960, скульптор Г. Е. Арапов, арх. П. С. Бутенко; экөө тең бронзадан, граниттен жасалган) В. И. Лениндин эстеликтери, Кызыл Армиянын П-дун жанындагы 1-жеңишине (1918) арналган монумент тургузулган (темирбетон, 1969, арх. И. Д. Билибин ж. б.).

П-до пед. ин-т, Ленинград политех. ин-тунун бөлүмү, 4 техникум, мед. ж-а пед., маданий агартуу окуу жайлары, 2 театр, тарых-көркөм ж-а арх-ра музейлери, В. И. Лениндин музей үйү бар.

Ад.: В. И. Ленин и псковский край. Документы, статьи, [Л.], 1971; Спегальский Ю. П., Псков, М.—Л., 1963.

ПСКОВ КӨЛҮ РСФСРдин Псков обл-нда, Эстон ССРинин чегинде. Аянты 710 *км²*, тереңд. 6—8 *м*, эң терең жери 12 *м*. Жээктери түзөң. Көлгө Улуу д. куят. Чуд көлү м-н кысык аркылуу биригип, *Чуд-Псков көлүн* пайда кылат.

ПСКОВ КӨТӨРҮЛҮШҮ (1650) — Россиядагы эң ири антифеод. көтөрүлүш. Аның чыгышына окмоттун эгин м-н алып-сатарлык кылышы шылтоо болгон. Көтөрүлүшчүлөр ири копос, дворян ж-а дин кызматкерлеринин короо-жайын талкалап, мүлкүн, эгинин конфискациялаган. Көтөрүлүштүн кыймылдаткыч күчү кол өнөрчүлөр, майда соодагерлер ж-а стрелецтер болгон. Апрелде көтөрүлүшчүлөр бийликти колуна алып, воеводаның бийлигин чектөөнү талап кылган. Үч айлык курчоодон кийин падыша аскери Псковду алган.

ПСКОВ ОБЛАСТЫ РСФСРде, 1944-ж. 23-августта уюшулган. Аянты 55,3 миң *км²*. Калкы 850 миң (1979). Областта 24 район, 14 шаар, 11 ш. т. посёлка бар. Борбору — Псков ш. Ленин ордени м-н сыйланган (1967).

П. о. СССРдин Европа бөлүгүнүн түн.-батышынан орун алган. Жери түзөң. Кен байлыктары: аки таш теги, доломит, мергель, гипс ж. б. Климаты мелүүн континенттик. Январдын орт. темп-расы —7... —8°С, июлдуку 17—17,5°С. Жылдык жаан-чачыны 550—650 *мм*. Дарыялары: Улуу (Великий), куймалары — Сороть, Череха, Пскова, Исса, Кок (Синий) ж. б. Ири көлдөрү: Псков, Чуд. Негизинен күл ж-а саз топурагы басымдуу. Аймагынын 20% токой.

Калкы негизинен орустар (96,6%). Орт. кышт. 1 *км²*гө 15,4 киши. Шаар калкы 55% (1979). Ири шаарлары: Псков, Великие Луки. О. ж-ның негизги тармактары: машина куруу ж-а металл иштетүү (радио ж-а электртех., станок куруу, зыгыр иштеп чыгарууга жабдуулар, чым көң казуучу машиналар, вагон ремонттоочу з-д ж. б.), жеңил (зыгыр-текстиль, тигүү-трикотаж, булгаары бут кийим ж. б.), тамак-аш (сүт, эт, жашылча консервалоо, ун тартуу ж. б.), жыгач иштетүү ж-а целлюлоза-кагаз. Чым көң казып алынат. А. ч-га жарактуу жери 2022 миң *га*, анын 1000 миңи айдоо. Негизги дан өсүмдүктөрү: кара буудай, буудай, арпа ж. б. Зыгыр (жалпы респ-калык жыйымдын 12%), картошка ж-а жашылча өстүрүлөт. 1975-ж. 640,5 миң уй (сааны 298,1 миң), 323,9 миң чочко, 397,1 миң кой, эчки болгон. Т. ж-нун уз. 1104 *км*, автомобиль жолунуку — 10 миң *км* (1973). 1976—77-окуу жылында 845 жалпы билим берүүчү мектепте 101,9 миң окуучу, 16 атайын орто окуу жайында 16,1 миң окуучу, 2 жог. окуу жайында ж-а Ленинград физра, Ленинград темир жол-транспорт инженерлер, Ленинград политех. ин-ттарынын болүмдөрүндө 9,2 миң студент, 3 кесипчилик окуу жайында 4,4 миң окуучу окуган. Областта бир нече ил. из. ин-ттар, 599 китепкана, 1259 клуб, В. И. Лениндин музей үйү ж-а музей квартирасы, край тааныу музейлери, театрлар ж. б. бар. 1977-ж. 11,6 миң орундуу 98 ооруканада 2,3 миң врач иштеген. Обл. «Псковская правда» (1917-жылдан), «Молодой ленинец» (1957) газеталары чыгат.

Ад.: Природа районов Псковской области, Л., 1971; Народное хозяйство Псковской области. Стат. сб., [Великие Луки], 1972.

«ПТИЦЕВОДСТВО»—СССР айыл чарба мин-восунун ай сайын чыгуучу ил.-өндүрүштүк журналы. Москвада «Колос» басмасынан чыгарылат. 1931-ж. негизделип («Советское птицеводство»), 1951-жылдан «П.» аталат. Бакма канаттуулар чарбасынын кызматкерлерине, адистерине, жетекчилерине ж. б-га арналат. Анда канаттууларды асыроо, тоюттандыруу, асыл тукум ишт, инкубация, куш ылаңдары, алардын профилактикасы, бул тармакта эмгекти уюштуруу, анын экономикасы ж-а чет өлкөлөрдөгү канаттуулар чарбачылыгы ж. б. ж-догу маселелер басылат. Тиражы 51 000 нуска (1977).

ПТОЛЕМЕЙ Клавдий (2-к.) — байыркы грек илимпозу. Ал иштеп чыккан Аламдын геоборб. системасында асман жарык чыгаруучуларынын козго көрүнгөн кыймылы Жерди тегеренип айланып чыгышы м-н түшүндүрүлгөн. Астр-я б-ча негизги эмгеги 13 китептен турат. «Альмагест» Н. Коперниктин гелиоборб. системаны баяндаган «Асман сферасынын айланышы жөнүндө» деген китеби чыкканга чейин ил. баалуулугун жоготкон эмес. «География боюнча колдонмо» (8 китеп) деген чыгармасында айрыкча ошол кездеги геогр. илимин жыйнактап, карта түзүүнүн теориясын өнүктүрүп, жер кыртышынын 26 картасын сунуш кылган. Оптика б-ча латын тилинде жазылган баалуу эмгеги (5 китеп) 1801-ж. табылган.

ПТОЛЕМЕЙДИН ДҮЙНӨЛҮК СИСТЕМАСЫ — байыркы грек астроному Птолемей иштеп чыккан геоборб. дүйн. система, к. *Дүйнөлүк система.*

ПТОЛЕМЕЙЛЕР, Лагиддер — Байыркы Египетти б. з. ч. 305—30-ж. башкарган падышалык династия. Александр Македонскийдин аскер башчыларынын бири Птолемей I Сотер (б. з. ч. 305—283-ж. бийлеген) б. з. ч. 305-ж. негиздеген. П. I айыгышкан согуштар м-н Киренаиканы, Түш. Сирия м-н Кипрди каратып, падышалыктын аймагын кеңейтип, ири державага айланткан. П. II Филадельф (б. з. ч. 285—246-ж. бийлеген) мезгилинде К. Азия м-н Эгей бассейнинидеги бир катар жерлер падышалыкка кошулуп, Александрия ш. сооданын, кол өнөрчүлүктүн ж-а мад-ттын ири борборуна айланган. П. мамлекети П. III Евергеттин (б. з. ч. 246—221) тушунда өтө гүлдөп, аймагы дагы кеңейтилген. Б. з. ч. 3-к-дын аягынан Египеттеги ички саясий ж-а социалдык өз ара карама-каршылыктардан ж-а селевкилер м-н согуштардан өлкөнүн абалы начарлаган. Б. з. ч. 30-ж. Октавиандын (Август) тушунда П. мамлекети Рим империясына кошулган.

ПУАЗ — суюктуктун динамикалык илээшкектүүлүгүнүн *Бирдиктердин СГС системасындагы* бирдиги. Бул

бирдик СССРде 1963-жылга чейин колдонулуп келген. Кийинки мезгилде суюктуктун илээшкектүүлүгүнүн системадан тышкары бирдиги ден аталат. П. салышт. илдамд. 1 *см/сек*, бир биринен аралыгы 1 *см*, аянты 1 *см²* суюктуктун эки катмарынын бир бирине карата кыймылына 1 *дина* күч м-н каршылык көрсөткөн суюктуктун илээшкектигине барабар. Француз илимпозу Ж. Л. М. Пуазёйль ысмынан аталган. Белгилениши *пз*, эл аралык *P*, 1 *пз*=0,1 *н·сек/м²*.

ПУАЗЁЙЛЬ ЗАКОНУ — ичке цилиндр түтүгү аркылуу илээшкек суюктуктун ламинардык агуу закону. Түтүктүн туурасынан кесилиши аркылуу 1 *секда* аккан суюктуктун көлөмү:

$$Q=k\frac{p-p_0}{l}d^4=\frac{\pi}{128}\cdot\frac{p-p_0}{l}\cdot\frac{d^4}{\mu}.$$

Мында, $p-p_0$ — түтүктүн кире жана чыга беришиндеги басымдын айырмасы, d — диаметри, l — узундугу, μ — суюктуктун илээшкектүүлүк коэффициенти. Бул формуланы француз илимпозу Ж. Л. М. Пуазёйль, ал эми k м-н μ нун байланышын англ. илимпоз Ж. Стокс аныктаган, $k=\pi/(128\mu)$. П. з. капиллярдуу *вискозиметрдин* жардамы м-н түрдүү темп-рада суюктуктун илээшкектүүлүк коэффициентин аныктоодо колдонулат.

ПУАНКАРЕ Раймон (20. 8. 1860, Мёз департаменти, Бар-ле-Дюк — 15. 10. 1934, Париж) — Франциянын мамл. ж-а саясий ишмери. Билими ж-а кесиби б-ча адвокат. 1887—1913-ж. мамл. аппаратта иштеген. 1913—20-ж. республиканын президенти. Франция академиясынын мүчөсү (1909). П. ири буржуазиянын мүдөөсүн көздөп, согушту жактаган. Биринчи дүйн. согушту акырына чейин улантып, анын жыйынтыгын Европада Франция бийлигин орнотуу үчүн пайдаланууга аракеттенген. Антисов. интервенцияны уюштуруучулардан. 1922—24-ж. премьер-министр ж-а тышкы иштер министри. 1926—29-ж. кайрадан премьер-министр ж-а финансы министри. Отставкадан кийин саясий иштен четтеген.

ПУАНСОН — 1) *металлдарды* муздак же ысытып *штамптоодо* же *пресстоодо* (ныктоодо) колдонулуучу штамптын негизги тетигинин бири. Штамптоодо П. матрицадагы заготовканы тикеден тике басат; *матрица* м-н басылып турган пресстоодо басым заготовкага пресс-шайба аркылуу берилет. Көбүнчө штамптын бир эле бөлүгү бир убакта матрица да, П. да боло алат (мис., айкалышкан штамп-та). 2) Соз куючу матрицаны (мис., төрүү машиналарындагы матрица) ныктап даярдоодо колдонулуучу тамга, белги ж. б. томпойгон рельефтүү штамп.

ПУАССОН БӨЛҮШТҮРҮҮСУ — бүтүн сан маанини алуучу кокус чоңдуктардын ыктымалдыктарынын бөлүштүрүүсүнүн негизги түрлөрүнүн бири. П. б-нө баш ийүүчү X кокус чоңдугу терс эмес маанилерге ээ, мында $X=k$, анда ыктымалдык төмөндөгүдөй болот: $p_k(\lambda)=\frac{\lambda^k}{k!}e^{-\lambda}$. $k=0, 1, 2, ...$ (λ — оң параметр). λ параметрлүү П. б-нө ээ болгон кокус чоңдуктардын дисперсиясы ж-а матем. күтүүсү λ-га барабар. Эгерде X_1 ж-а X_2 көз каранды эмес кокус чоңдуктары λ_1 ж-а λ_2 параметрлери м-н П. б-нө ээ болсо, анда алардын X_1+X_2 суммалары параметрлери $\lambda_1+\lambda_2$ болгон П. б-нө барабар. «П. б.» термини француз илимпозу С. Д. Пуассондун ысмынан аталган (1837).

ПУАССОН ИНТЕГРАЛЫ—1) $u(r, \varphi)=$

$$=\frac{1}{2\pi}\int_0^{2\pi}f(\Theta)\frac{(R^2-r^2)}{R^2-2Rr\cos(\Theta-\varphi)+r^2}d\Theta$$

түрүндөгү интеграл, мында φ, r — уюлдук координаталар, $\Theta\in[0,2\pi]$ — параметр. П. и. R радиустуу тегеректе гармоникалык $u(r, \varphi)$ функциянын маанилерин ал тегеректин айланасында жаткан $f(\Theta)$ маанилери аркылуу туюнтат. П. и.— Дирихле масселесинин тегерек область үчүн чыгарылышы. Аны алгачкы жолу француз илимпозу С. Д. Пуассон изилдеген. 2) $\int_{-\infty}^{+\infty}e^{-x^2}dx=\sqrt{\pi}$ түрүндөгү интеграл. Бул интеграл ыктымалдык теориясында, матем. физикада кездешет. С. Д. Пуассон бул интегралдын эң жөнөкөй чыгарылышын сунуш кылган, бирок 1-жолу (1729) Л. *Эйлер* чыгарган.

ПУАССОН ТЕҢДЕМЕСИ — $\Delta u=f$ түрүндөгү айрым туундулуу теңдеме, мында Δ — Лаплас оператору:

$$\Delta=\sum_{k=1}^{n}\frac{\partial^2}{\partial x^2_k},$$

$f=f(x_1, x_2, ..., x_n)$. $n=3$ болгондо бул теңдеменин болүнүш тыгыздыгы $\frac{f(x_1, x_2, x_3)}{4\pi}$ м-н болүштүрүлгөн көлөмдүк массанын потенциалын $u(x_1, x_2, x_3)$ канааттандырат ($f=0$ болгондо потенциал *Лаплас теңдемесинин* чыгарылышы болот).

ПУБЛИЦИСТИКА (лат. publicus — коомдук дегенден) — учурдагы коом турмушунун актуалдуу маселелери м-н көрүнүштөрү ж-до маалыматтар берген чыг-лардын бир түрү. П. дайыма учурдун курч кырдаалына кайрылып, коомдук ой-пикир ж-а көз караштардын калыптанышына жардам берет, социалдык ин-ттардын ишаракетине да таасир тийгизет. П. идеол. көрүнүштүн курч куралы, коомдук тарбия, агитация, пропаганданын каражаты ж-а социалдык информ. берүүнүн, уюштуруунун ыкмасы катары да кызмат аткарат. П-лык чыгармада публицисттин позициясы аркылуу социалдык таптын идеологиясы чагылат ж-а коомдук түзүлүштүн түпкү максаттары ж-а аларды ишке ашыруу жолдору айтылат. Прогрессчил П. дайыма коомдук турмуштун чын картинасын түзүү, учурдун көрүнүшүнө ишенимдүү баа берүү ж-а андан калыс жыйынтык чыгаруу, реалдуу келечекти көрсөтүү мүдөөсүн көздөйт.



Е. И. Пугачёв.

П-ның методу— учурдун актуалдуу көрүнүшүн бирдиктүү идеялык багытта чагылдыруу. Айкын маалыматтар алуу үчүн эмпириялык метод (байкоо, суроо, аңгеме, интервью ж. б.) көп колдонулат. Идея-тематикасына жараша П. моралдык-этикалык, филос. П. дегендей бир нече түргө бөлүнөт. Алардын ар биринин өз алдынча өзгөчөлүктөрү бар. Булардан саясий П-га негизги орун таандык.

Ад.: Маркс К., Энгельс Ф., О печати, М., 1972; Ленин В. И., О печати, 2 изд., М., 1974; Прохоров Е. П., Публицист и действительность, М., 1973; Черепахов М. С., Проблемы теории публицистики, 2 изд., М., 1973.

ПУГАЧЁВ Емельян Иванович [1742-ж. чен, Зимовейская-на-Дону станица — 10(21). 1. 1775, Москва] — Россиядагы 1773—75-жылдардагы дыйкандар согушунун жетекчиси [к. *Пугачёв башында турган дыйкандар согушу (1773—75)*]. Дондук казактын үй-бүлөсүнөн. Жети жылдык (1756—63) ж-а орус-түрк согушуна (1768—74) катышып, 1770-ж. хорунжий чинине көтөрүлгөн. Бирок аскер милдетин отоодон качып, яик казактарын Кубандын ары жагындагы эркин жерлерге барып жашоого үгүттөгөн. Камакка алынып, каторгага кесилген, 1773-ж. камактан качып, озүн император Пётр III деп жарыялап, августа дыйкандарды ж-а казактарды көтөрүлүшкө баштап чыккан. Дыйкандар согушунун жүрүшүндө П. таланттуу кол башчы катары көрүнгөн. 1774-ж. 8-сентябрда чыккынчы казактар П-ду падыша окмотүнө карман берип, 1775-ж. 10-январда Москвадагы Кызыл аянтта өлүм жазасына тартылган.

Ад.: Лимонов Ю. А., Мавродин В. В., Панеях В. М., Пугачёв и пугачевцы, Л., 1974.

ПУГАЧЁВ БАШЫНДА ТУРГАН ДЫЙКАНДАР СОГУШУ (1773—75) — Россиядагы феод.-крепостной эзүүгө каршы дыйкандардын ири көтөрүлүшү. Бул согуштун чыгышына Урал, Волга ж-а Арал боюнда крепостной эзүүнүн күчөшү, орус эмес калктын (башкырт, татар, чуваш, мари, мордва ж. б.) колон. эзүүгө кириптерлиги себеп болгон. Адегенде Яик шаарчасы (азыркы Уральск) тараптагы донду казактар көтөрүлгөн. 1773-ж. сентябрда яик казактары көтөрүлүш чыгарып, ага озүн император Пётр III деп жарыялаган Е. И. *Пугачёв* жетекчилик кылган. Пугачёв өз манифестинде элге түбөлүк эркиндик ж-а жер берүү, дыйкандарды помещиктер эзүүсүнөн куткаруу ж-до жарыялап,

крепостниктерди талкалоого чакырган. Козголоңчуларды баштаган А. А. Овчинников, И. П. Чика-Зарубин, М. Г. Шигаев, крепостной дыйкандар И. Н. Белобородов, А. Т. Хлопуша (Соколов), башкырт *Салават Юлаев* ж. б. казактар Пугачёвдун отрядына кошулуп, которулуш кеңири кулач жайган. Анын кыймылдаткыч күчү крепостной дыйкандардан, казактардан ж-а Урал, Волга боюндагы эзилген элдерден куралган. Козголоңчулар эки жумада Яик тарапты эзелеп, 1773-ж. 5-октябрда Оренбургду курчап алган. Алардын алгачкы ийгиликтери эзилген элди шыктантып, 1773-ж. ноябрь — декабрда козголоң Уралдын ойуз-буйузуно, Волганын ортоңку ж-а төмөнку болугуно жайылган. Аскерлерди башкаруу үчүн Пугачёв Аскер коллегиясын түзгөн. 1773-ж. ноябрда которулушчулар падышалык генерал В. А. Кардын колун, о. эле Симбирск м-н Сибирден келе жаткан жазалоо отряддарын талкалаган. Козголоңчулар падышалык администрацияны жоюп, атамандарды шайлоо м-н башкаруунун казакча тартибин киргизген. 1774-ж. февралда бүтүндөй Урал о. ж-ныи $^3/_4$ болугу козголоңчулардын колунда болгон, бирок курал чыгаруу анча жонго салынган эмес. Падыша өкмөтүнүн козголоңчуларга каршы жиберген аскери 1774-ж. 22-мартта Татищев чебинин жанында Е. И. Пугачёвдун, Уфанын жанында Чика-Зарубиндин колун талкалап, Оренбургду курчоодон бошоткон. Ушуну м-н согуштун биринчи этабы аяктаган. 1774-жылдын жайында Пугачёв Уралда кайрадан кол куран, полковник И. Н. Михельсондун отряды м-н көпкө таймашкандан кийин Волга боюна оон, 12-июлда Казанды эзелеген. Бирок жакындан жете келген падыша аскерлеринен сокку жегенден кийин Е. И. Пугачёв Волганын оң жээгине кеткен. Согуштун үчүнчү этабында дыйкандар кыймылынын крепостной түзүлүшкө каршы мүнөзү даана байкалган. Бирок бул этапта уюштуруучулук солгун тартып, жупуну куралданган, чачкын козголоңчулар жеңиле баштаган. 1774-ж. 24-августа Пугачёвдун отряды талкаланып, өзүн чыккынчы казак старчындары падыша өкмөтүнө карман берген, бирок жер-жерлерде козголоң 1775-жылдын башына чейин созулган. Пугачёв, Чика-Зарубин, Перфильев, Шигаев, Падуров, Торнов олүм жазасына тартылып, калган козголоңчулар сүргүнгө айдалган. 1773—75-жылдардагы дыйкандар согушу акыры жеңилген, бирок феод. түзүлүшкө сокку уруп, Россиянын коомдук өнүгүшүндө прогрессчил роль ойногон.

Ад.: Крестьянская война в России в 1773—1775 гг. Восстание Пугачёва. т. 2—3 Л., 1966—70; Лимонов Ю. А., Мавродин В. В., Пакелх В. М., Пугачёв и его сподвижники, М.—Л., 1965.

ПУД — масса м-н салмактын эски чен бирдиги. Чендин метр системасы киргизилгенге чейин Россияда колдонулган. 1 пуд (масса бирдиги) = 40 фунт = 16,3805 *кг*. 1 пуд (салмак бирдиги) = = 40 фунт = = 16,3805 *кгк* = = 160,638 *н*.



В. И. Пудовкин.

ПУДОВКИН Всеволод Илларионович [16(28). 2. 1893, Пенза—30. 6. 1953, Москва] — сов. кинорежиссёр ж-а кино теоретиги, СССР эл арт. (1948). 1939-жылдан КПСС мүчөсү. 1914-ж. МГУнун физика-матем. ф-тетинин табигый илимдер болүмүн бүтүргөн. 1920-ж. Мамл. кино мектебине (азыркы ВГИК) кирет. Студент чагында сценарист, режиссёр ж-а актёр катары иштеген. Биринчи фильми — «Шахмат ышкысы» (1925, Н. Г. Шпиковский м-н бирге). М. Горькийдин «Эне» романын экрандаштыруу (1926) сов. кинематографиянын ири жетишкендиги болгон. Кийин «Санкт-Петербургдун кыйрашы» (1927), «Чынгысхандын тукуму» (1929) фильмдерин жараткан. П. күрөшчүл массанын поэтикалык образын түзгөн кинопостун калыптанышына көп эмгек сиңирген. 30-жылдары эксперименттик паденүүлөргө жык толгон «Жоңкой окуя» (1932) деген үнсүз ж-а «Качкын» (1933), «Жеңиш» (1938) аттуу үндүү фильмдерди тарткан. «Минин м-н Пожарский» (1939; СССР мамл. сыйл., 1941), «Суворов» (1941), «Адмирал Нахимов» (1947; СССР мамл. сыйл., 1947) фильмдери сов. тарыхый фильмдердин өнүгүшүндө зор роль ойногон. 1950-ж. (Д. И. Васильев м-н бирге) «Жуковский» (СССР мамл. сыйл., 1951) ж-а «Василий Бортниковдун кайтып келиши» (1953) фильмдерин койгон. Эки Ленин ордени, башка 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Караганов А. В., Всеволод Пудовкин, М., 1973.

ПУПМАНОВА Мария (8. 6. 1893, Прага — 19. 5. 1958, ошол эле жер) — чех жазуучусу. Чехосл-янын эл художниги (1953). 1945-жылдан ЧКПнин мүчөсү. Чыг-лары 1909-жылдан чыга баштаган. Адепки акчемелери импрессионисттик мүнөздө жазылган. 30-жылдардын башында марксизмди жактап, солчул интеллигенция тарабына өтүп, Ю. *Фучик* м-н таанышат. «Жаңы өлкөгө көз карап» (1932) деген чыгармасында сов. турмуш коргөөлөт. Чех коомунун түрмүшү ж-догу «Арсар адамдар» (1937, 1-к-п), «Рафаэль жана Сателит» (1944), «Кайгы жана кубаныч» (1945), «От менен ойноо» (1948) деген чыг-лары бар. «Пани Кюри» (1957) поэмасынын, «Алена эже» (1958) повестинин, Индия ж-дө жол очерктеринин автору. 1937, 1948, 1951, 1953, 1955-ж. Мамл. сыйлыктарды алган.

Чыг.: в рус. пер.— Соч., т. 1—5, М., 1960.

Ад.: Бернштейн И. А., Творческий путь М. Пуйманової, М., 1961.

ПУЛЕМЁТ — автоматтык атылма курал. Ал ок м-н жер бетиндеги, абадагы ж-а деңиздеги буталарды жок кылууга арналган. Түзүлүшү ж-а арналышы б-ча П. колго алып жүрмө, станоктуу ж-а жалпы болуп айырмаланат. Калибри б-ча П. негизги (6,5—8,0 *мм*) ж-а ири калибрдүү (12,7—15 *мм*) болуп болунот. П-тун кончулугу кара дары (порох) от алганда пайда болгон газдын артка тебүү энергиясынын эсебинен автоматтык түрдө атылат. П-тун негизги болуктору ж-а механизмдери: най (ствол), найлуу куту (коробка), затвор, согуудан от алдыргыч механизм, кайтарма пружина, мээлегич түзүлүш, магазин (кабылдагыч). Мындан башка кол ж-а жалкы П-тордо кундак, бут, ал эми станоктуу ж-а ири калибрдүүдө станок (установка) болот. П-ко патрон атайын лента м-н же кутучадан (магазинден) берилет; окту бир нечесин удаа (автоматтык түрдө) ж-а бирден атууга болот. 1883-ж. амер. конструктор Х. С. Максим ойлоп чыгарган, алгачкы П. экинчи дүйн. согушка чейин колдонулган. П. м-н мотоатыч, зенитник-пулемёттук ж. б. подразделение куралданат. Ал танкка, самолётко (вертолётко) ж. б. согуш машиналарына орнотулат.

ПУЛКОВ ОБСЕРВАТОРИЯСЫ астрялык—СССР ИАнын Башкы астр-ялык обсерваториясы, ил. из. мекемеси. Ал Ленинграддан 19 *км*/түштүкто Пулков дөңсөөсүндө (деңиз деңг. 75 *м*) жайгашкан. А. П. Брюлловдун арх-ралык долбоору б-ча курулуп, 1839-ж. ачылган. Обсерваторияны орус илимпозу В. Я. *Струве* уюштуруп, 1861-жылга чейин анын директору болгон. П. о-ның негизги ишбагыты жылдыздардын координаталарын ж-а астр-ялык туруктуулуктарды: прецессия, нутация, аберрация ж-а рефракцияны аныктоо, о. эле көш жылдыздарды да изилдөө. Бул обсерваторияда 374, кийин 558 жылдыздуу ото так абалын билдирүүчү (1845, 1865, 1885, 1905 ж-а 1930 доорлор үчүн) абс. каталогдор түзүлгөн. Обсерваториянын 50 жылдыгына мех. мастерскойлуу астрофиз. лабор-я курулуп, мастерскойдо 76 *смлүү* дүйнодогу эң ири рефрактор орнотулган. Мындан тышкары анда зенит-телескоп, коронограф ж. б. аспаптар да бар. Согуш жылдары обсерватория талкаланып, 1954-ж. толук калыбына келтирилген. П. о. күн тутулууну, Чолпонду байкоо, о. эле астр-ялык климатты изилдөө үчүн көптөгөн экспедицияларды уюштурган.

ПУЛЛОРОЗ — бакма канаттуулардын жугуштуу ылаңы. Көбүнчө жоңоңун чегиси м-н паренхима органдары ж-а чоң канаттуунун өнөлик бези жабыркайт, к. *Сальмонеллёз*.


ПУЛЬМОНОЛОГИЯ (лат. pulmonis — өпкө ж-а ...*логия*) — медицинанын *дем алуу органдарынын* дарттарын изилдөөчү тармагы. Ал эми өпкө туберкулёзун клиникалык медицинанын башка тармагы — *фтизиатрия* изилдейт. П-ның 20-к-дын 2-жарымында *терапия, хирургия, педиатриядан* өз алдынча болүнүшүнө дем алуу органдарынын патологияларынын (өпкөтко айланган сезгенүүлөр, шишиктер ж. б.) көбөйүшү себеп болду. Бул атайын дарылоо мекемелерин ачууга ж-а пульмонологдорду даярдоого мажбурлады. П-да рентгенология (томография, бронхография, ангиопульмонография), эндоскопия (трахеобронхоскопия, плевроскопия), функциялык диагностика (сынкты дем алуу функциясын ж-а өпкөдө кандын айланышын аныктоо) ж-а лабор-ялык изилдөө методдору колдонулат. СССРде 50дөн ашуун П-лык ири дарылоо борборлору, 300дөн ашык атайын бөлүмдөр, 1000дей кабинеттер иштеген (1976). Ленинградда Бүткүл союздук П-лык ил. из. ин-ту уюшулган (1967). Пульмонолог врачтар СССРде клиникалык ординатурада, аспирантурада ж. б-да даярдалып, П-лык изилдөөлөр «Клиническая медицина» ж. б. журналдарда жарыяланат.

Ад.: Болезни системы дыхания, в кн.: Многотомное руководство по внутренним болезням, т. 3, М., 1964; Стручков В. И., Пугачёв А. Г., Детская торакальная хирургия, М., 1975.

ПУЛЬПА (лат. pulpa — жумшак жер) — 1) тиштин тиш кабыгы м-н аның тамыр көңдөйүндөгү жумшак бөлүгү. Ал нерв учтары, кан тамырларына бай туташтырма ткандан турат. П. тиштин азыктануусун, өсүшүн камсыз кылат. 2) Көк боордун негизги массасы. Аның кызыл ж-а ак түрү бар.

ПУЛЬПИТ — тиштин жумшак бөлүгү — *пульпанын* сезгенүүсү. Ал тиш *кариеси* күчөп, инфекция пульпага жеткенде, травмада (пульпага жакын тиштин кабыгы сынганда) ж-а хим. дүүлүктүргүчтөрдүн таасиринен пайда болот. П-те тиш көбүнчө катуу ооруйт. Убагында дарыланбаса тиш *периодонтитке* учурайт. Тишти пломбалоо м-н П-ти дарылайт.

ПУЛЬС (лат. pulsus — кагуу) — артерия кан тамырынын жүрөктүн иштешине синхрондуу мезгил-мезгили м-н кеңейип кагын турушу. Тамырдын кагуу тездиги, ритми (ыргагы), толушу, чыңалышы ж. б. тамыр кармоо м-н аныкталат. Соо адамдын тамыры тынч турганда ыргак м-н минутасына 60—80 жолу кагат. Тамырдын кагуу ыргагы *аритмияда* бузулат. Тамыр каккандагы толкун тамыр түтүкчөсү м-н 500—1000 *см/сек* ылдамдыкта таралып, кандын аорта-дагы 50 *см/сек* агымынан төз озуп кетет. Артериялык тамырдын кагышы кагуу толкунунун тамыр түтүкчөсү м-н таралышына байланыштуу. Тамыр түтүкчөсү канчалык катуу болсо, чоюлгучтугу ошончолук томон болуп (мис., *атеросклерозда*), кагуу толкуну ошончолук тез таралат. Жүрөк кан тамыр ооруларынын диагностикасында П-ту изилдөөнүн мааниси чоң.



Пулемёттор: *1* — Дегтярёвдун кол пулемёту (ДП); *2* — Калашниковдун кол пулемёту (ПКС); *3* — Максимдин станоктуу пулемёту (1910-жылкы үлгүсү); *4* — Горюнов конструкциясындагы 1943-ж. чыккан станоктуу пулемёт; *5* — ири калибрдүү пулемёт (ДШК); *6* — америкалык М-60 пулемёту.

ПУЛЬПИТ — тиштин жумшак бөлүгү — *пульпанын* сезгенүүсү. Ал тиш *кариеси* күчөп, инфекция пульпага жеткенде, травмада (пульпага жакын тиштин кабыгы сынганда) ж-а хим. дүүлүктүргүчтөрдүн таасиринен пайда болот. П-те тиш көбүнчө катуу ооруйт. Убагында дарыланбаса тиш *периодонтитке* учурайт. Тишти пломбалоо м-н П-ти дарылайт.

ПУЛЬС (лат. pulsus — кагуу) — артерия кан тамырынын жүрөктүн иштешине синхрондуу мезгил-мезгили м-н кеңейип кагын турушу. Тамырдын кагуу тездиги, ритми (ыргагы), толушу, чыңалышы ж. б. тамыр кармоо м-н аныкталат. Соо адамдын тамыры тынч турганда ыргак м-н минутасына 60—80 жолу кагат. Тамырдын кагуу ыргагы *аритмияда* бузулат. Тамыр каккандагы толкун тамыр түтүкчөсү м-н 500—1000 *см/сек* ылдамдыкта таралып, кандын аорта-дагы 50 *см/сек* агымынан төз озуп кетет. Артериялык тамырдын кагышы кагуу толкунунун тамыр түтүкчөсү м-н таралышына байланыштуу. Тамыр түтүкчөсү канчалык катуу болсо, чоюлгучтугу ошончолук томон болуп (мис., *атеросклерозда*), кагуу толкуну ошончолук тез таралат. Жүрөк кан тамыр ооруларынын диагностикасында П-ту изилдөөнүн мааниси чоң.

ПУЛЬТ (лат. pulpitum — тактача, трибуна) — пота коюуга арналган бир жагына эңкейиш столчо. П-та оркестрдеги бирдей партия аткаруучу музыканттар отуруп (мис., 1-скрипка), катар номер м-н белгиленет (1-, 2-, 3-П. ж. б.). Концертмейстер ж-а аның жардамчысы 1-П-та отурат.

ПУНИЛИКТЕР — байыркы римдиктердин *финикиялыктарга* берген аты. Алар Түн. Африкага көчүп келишип, ал жерде б. з. ч. 12—7-к-да Утика, Карфаген, Лептис-Магна ж. б. колонияларды негиздешкен. Тили — финикий тилинин диалектиси. Рим м-н Карфагендин ортосундагы *Пуни согуштары* «П.» деген создон аталган.

ПУНИ СОГУШТАРЫ (тыныгуулар м-н б. з. ч. 264—146) — Жер Ортолук деңиздин батышын бийлөө үчүн Рим м-н Карфагендин ортосунда болгон кагылышттар. Карфаген б. з. ч. 3-кдын 70-жылдарында Африканын батыш жээктерин, Сицилияны эзелеп, Жер Ортолук деңиздин батышына үстөмдүк кылган. Рим б. з. ч. 265-ж. бүт Италияны каратып, Карфаген м-н тең тайлаша баштаган. Биринчи П. с. (б. з. ч. 264—241) Сицилия ж-а аның жээктери үчүн башталган. Күчтүү флоту бар римдиктер бир нече салгылашта Эгад а-дарынын жанында (б. з. ч. 241) Карфаген флотун толук талкалаган. Б. з. ч. 241-жылдагы тынчтык келишим б-ча Сицилия ж-а аның аралдары, Сардиния ж-а Корсика а-дары Римге өткөн. Экинчи П. с. (б. з. ч. 218—201) Ганнибал армиясынын б. з. ч. 219-ж. Рим м-н союздаш Сагунт ш-на кол салуусу м-н башталган. Ал Италияга кирип, Траэмен көлүнүн (б. з. ч. 217) ж-а Каннах жанындагы (б. з. ч. 216) салгылашта Рим аскерлерин талкалап, Сицилия м-н Сардинияга келген. Бирок римдиктер согушту созуу тактикасы м-н Ганнибалдын армиясына сокку уруп, б. з. ч. 202-ж. аны талкалаган. 201-жылдагы келишим б-ча Карфаген Испаниядан баш тартып, Африкада согуш жүргүзүү укугунан ажыраган, о. эле флотун жоюп, контрибуция төлөөго аргасыз болгон. Үчүнчү П. с. (б. з. ч. 149—146) Карфаген аймагында өткөн. Римдиктер Карфаген ш-н үч жылдык курчоодон кийин талкалап, элин кулга айландырган. П. с-нын натыйжасында Жер Ортолук деңиздин батышында Рим бийлиги орногон.

ПУНКТ (лат. punctum — чекит) полиграфияда — узундуктун системадан тышкары бирдиги. 1 П. = 0,3759 *мм*. П. шрифттин (кегелдин) басылуучу элементтеринин ж. б. өлчөмүн аныктоодо колдонулат.

ПУНКТИРЛЕП СЕБҮҮ — а. ч. өсүмдүктөрүнүн уругун, үронүн себүү ык-

жылдыгы бар. Кант комкасы, жүгөрү ж. б. а. ч. өсүмдүктөрүнүн уругу сыяктуу м-н тез кычкыл бирикмелерди сиңирет. Бул мүнөз м-н сиңирилүүчү азыктарды өзүнө чогултуп алуу, ошондой эле тоңуштуруп алып коюу, куруп жетиштүү даяр азык болуп саналат. Өсүмдүктүн бирдей эрүүчүлүгү жана түзүлүшү жогорулап, жеңилдеп кайтат (сууктоого, оорулар жеңилдейт), продуктунун сапаты жакшырат.

ПУНКТУАЦИЯ (лат. punctus — чекит деген сөз), к. *Тыныш белгилер.*

ПУНУБ — байыркы жазуу эск-ги (600—1100-ж.). Берберлердин жазуу м-н аралашып, Берберлер колдонгон ж-а Кичи Азия Бергоу түркүгүнүн көпчүлүк элдерине таралган. Ал 1928-ж. Пунуб ж-а Нийх Лазретий а-дарында Г. Б. Колпик ачкан. П. өзүнөн мурдагы байыркы берберлердин эск-гинен өзгөчөлөнөт, оюк, сызык курактар колдонуп, үй курчоо кат сөзүн пайдаланган м-н айырмаланат. Азыр скульптура м-н гравюра жөнөкөйлөгөн, кээ сыяктуу обо-чийме геом. сыяк м-н алмашкан. Түрү, жорук м-н катар катар ед үлгүсү ж-а курактагы өзгөчөлүк да өзгөрөт. Солдун күрөк-жарым жазуу багытта.

Ад.: Руденко С. П., Древняя культура Берингова моря и эскимосская проблема, М.—Л., 1947.

ПУРИЗМ (лат. purus — таза деген сөз) — 1) адабий тилди башка тилдерден кабыл алынган сөздөрдөн, неологизмдерден тазалоо максатын көздөгөн ж-а адабий тилди нормага түшүргөн лексикалык ж-а грамматик элементтердин киришине каршы турган аракет. П. улуттук адабий тил калыптанып, анын стилдик системасы өзгөрүп жаткан учурда күчөйт да, көбүнчө сакчыл, маданий агымдарга байланышуу жүрөт. Пуристтер көбүнчө улуттук адабий тил чет элдик таасирден бүт бойдон арылганда гана өз алдынчалыгын сактап калат деп эсептешет. Орустун 19-к-дагы демократы (В. Г. Белинский ж. б.) «П.» терминин тилге үстүрт ж-а консерваторчо мамиле кылуу деген мааниде урунган. Окт. рев-ясынан кийин көп бир түрк тилдеринде да интернационализмдерден баш тартып, аларды сөзсүз эне тилдеги сөздөр м-н алмаштыруу аракеттери болгон. Мындай тенденция 1930-жылдан кийин пайдаланбакке ээ болгон жок. Аталган тилдер башка тилдердин (өзгөчө орус тилинин) эсебинен баюуда.

ПУРИН НЕГИЗДЕРИ, пуриндер — азоттуу гетероциклдүү табигый бирикмелер. Ал өсүмдүк ж-а жаныбар тканларындагы *нуклеин кислоталарынын, нуклеотиддердин* ж-а көп бир коферменттердин составына кирет. П. н. көчүлүк өсүмдүктөрдө, боордо, канда, сүттө ж-а жаныбарлардын ташталдыларында, табарсык ташында, балык м-н сойлоочулардын терисинде ж. б. табылган. Көбүрөөк таралгандары — аденин, гуанин, ксантин ж. б. Көчүлүк жаныбарларда пурин алмашуунун акыркы продуктусу — сийдик к-тасы. П. н.— о. ж-дын ири борбору. Текстиль, тамак-аш, металлургия, электр тех., химия ж-а резина, машина куруу (кеме куруу) о. ж. ишканалары иштейт. Балык кармалат. П. б. з. 1-к-да Кая (Карак) деген ат м-н пайда болгон.

ПУСТОВОЙТ Василий Степанович [2(14). 1. 1886, Тарановка кыш., азыркы Харьков обл., Змиёвский р-ну—11. 10. 1972, Краснодар]—сов. селекционер, СССР ИАнын (1964) ж-а ВАСХНИЛдин (1956) акад., эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1957, 1963), РСФСРдин илимге эмг. сиң. шимери (1969). 1963-жылдан КПСС мүчөсү. 1907-ж. Харьков дыйканчылык окуу жайын, 1926-ж. Кубань а. ч. ин-тун бүтүргөн. 1908—24-ж. Кубань а. ч. ин-тунун генетика, селекция ж-а уруктуулук кафедрасынын башчысы. 1912-ж. Кубань а. ч. мектебинде «Круглик» тажрыйба-селекция талаасын (1932-жылдан Бүткүл союздук май өсүмдүктөр ил. из. ин-ту) уюштурган. 1935—72-ж. Бүткүл союздук май өсүмдүктөр ил. из. ин-тунун май өсүмдүктөр селекциясы ж-а уруч болумунун ж-а күн карама селекциясы лабор-ясынын башчысы.

П.—күн караманын майлуулугун арбытуудагы селекция ишин башоочулардын бири. Күн караманын уруңун жакшыртуунун жаңы жог. патыйкалуу селекция системасын иштеп чыккан. Анын майлуу 20 сорттун чыгарган. СССРдин көп жеринде, чет өлкөлөрдө анын сорттору өстүрүлүүдө.

РСФСР Жог. Советинин (3—5, 8-чакырылыш) депутаты. Үч Ленин ордени, Октябрь Революциясы, башка 3 орден ж-а медалдар, чет өлкөлүк 3 орден м-н сыйланган. Лениндик сыйл. (1959) ж-а СССР мамл. сыйл. (1946) лауреаты.

Чыг.: Избр. труды, М., 1966; Приёмы выращивания семян подсолнечника, Краснодар, 1969.

Ад.: Новиков В., Золотой цветок, М., 1973.

ПУТИЛОВ ИШ ТАШТООСУ — Петербургдагы Путилов з-дунун жумушчуларынын 1905-ж. 3—18-январдагы чыгуулары. Буга Россияда рев-лык кырдаал түзүлүп турган чакта торт жумушчунун иштен бошотулушу себеп болгон. Иштен бошотулгандар кайра жумушка алынсын деген жумушчулардын доосун администрация м-н чогуу текшерүү үчүн туруктуу комиссия түзүлсүн, 8 сааттык жумуш күнү киргизилсин, санитариялык абал жакшыртылсын деген талаптарын администрация тоотпой койгон соң жумушчулар 3-январда иш таштоого чыккан. Ал РСДРПнин Петербург комитетинин кийлигишүүсү м-н 7—8-январда жалпы иш таштоого айланып, ага 456 ишкананын 150 миңдей жумушчусу катышкан. Путиловчулар экон. ж-а саясий талап коюп, падышага отунуч жазууга ж-а *Тогузунчу январдагы (1905)* манифестацияга катышкан. Иш таштоо 18-январга чейин созулган.

ПУТОРАНА ПЛАТОСУ — Орто Сибирь боксо тоосунун эң бийик ж-а кокту-колоттуу массиви. Красноярск крайынын түн.-батыш тарабында. Бийикт. 1701 *м*ге чейин. Рельефине тегизделген плато, калдык жалпак тоолор ж-а кенчүлүк учурда түбү кол эллеген терең ороондор (500—800 *м*), мүноздүү. Кызыл карагай, карагай, бадал, тундра өсүмдүктөрү өсөт.

ПУЧЧИНИ Жакомо (22. 12. 1858, Лукка — 29. 11. 1924, Брюссель) — италян композитору. Музыкант үй-бүлөсүнөн. Он жашынан органчы, пианист катары · концерттерге катышкан. 1883-ж. Милан консерваториясын бүтүргөн (А. Понкьелли м-н А. Банчиниден сабак алган). П-нин чыг-лыгы опера жанры м-н байланыштуу. Дүйнө атагын чыгарган «Манон Леско» (1893, Турин), «Богема» (1896, Турин), «Тоска» (1900, Рим, Кыргыз опера ж-а балет театрында, 1962, 1969), «Мадам Баттерфляй» (1904, Милан; Россияда аталышы — «Чио-Чио-сан», Кыргыз театрында 1943, 1959), «Батыш кызы» (1910, Нью-Йорк), «Чабалекей» (1917, Монте-Карло) ж. б. операларды жаратқан. П. оз чыг-ларында чындыкты бурмалабай айтууга умтулган. Ал жазган операларын негизин сүйүү ж-а чындык үчүн өмүрүн кыйган аялдардын образы түзөт. П-нин музыкасы рельефтүү, обону эмоцияга каныккан, итал. турмуш ырларынын салтын улап, лирикалык кайрыктарынын кооздугу, дилгирлиги м-н айырмаланат. П. комп.-новатор катары Вердинин чыгларынын принциптерин онуктурүп, азыркы Европа операларынын негизги компоненти болгон речитативдүүрия стилин киргизген.

Ад.: Данилевич Л. В., Джакомо Пуччини, М., 1969.

ПУШКИН Александр Сергеевич [26. 5(6. 6). 1799, Москва — 29. 1(10. 2). 1837, Петербург] — орус жазуучусу, жаңы орус ад-тын негиздөөчү. Мурдагы бонр түкүмунан чыккан орто доолоттуу дворян үй-бүлөсүндө туулган. Пётр доорундагы согуш иштери, абиссиниялык А. П. *Ганнибалдын* чөбүрөсү. Биринчи чыг-лык тажрыйбасы балалык чагынын алгачкы учурына туш келет (кол жазмалар сакталбаган). П. 1811-ж. Царское Селодогу лицейге келет. Чыг-лык жактан жетиле баштайт. 1814-ж. «Акыл досума» деген туңгуч ыры жарыяланат. 18-к. м-н 19-к-дын башталышындагы рационалисттик поэтиканын канондорун чыг-лык м-н пайдаланып, бир нече жетик ыр жазат («Царское Селодогу эскерүүлөр», «Шаарча», «Роза», «Лицинийге»). Туңгуч ырлары м-н эле элге тааныла баштайт. П-ге Г. Державин, Н. Карамзин, К. Батюшков, В. Жуковскийдин назары бурулат. Карамзинчилер коомунун «Арзамас» кружогуна катышат. 1817-ж. лицейди бүтөт, коллегия секретары деген чин алып, Тышкы иштер коллегиясына жиберилет. 1817—20-ж. жазган ырларында рев-ячыл азаттыкчыл мотивдери ж-а ашкерелөө пафосу жашоону жайдары кабыл алуу мотивдери м-н, публицистикалык касиет назик лиризм м-н, салттуулук жаңы романтикалык демоор м-н айкалышат. 18-к.—19-к-дын башталышындагы поэзиянын чектелген канондорун жеңип чыгууга умтулат, корком туюнтуунун эркиндигине жетишет («Кривцовго», «Жуковскийге», «Чаадаевге», 1818; «Дорида», «Кайра жаралуу», 1819; «Уруш мага белгилүү...», 1820). «Руслан менен Людмиласын» да ушул багытта жазат (1820). Бул мезгилдеги саясий лирикасы («Эркиндик», «Чаадаевге», «Кыштак» ж. б.), эпиграммалары кол жазма түрүндө тараган. П. декабристтердин жашырын коомунун мүчөсү болбосо да, ырларында рев-ячыл дворяндардын бүтүндөй бир муунунун умтулууларын туюнткан. Мындай саясий мүнөздөгү ырлары үчүн акын 1820-жылдын майында кызматка которуу деген шылтоо менен Россиянын түштүгүнө жиберилет. Ал жерде декабристтер м-н жолугат. Акындын романтизминин өзгөчө гүлдөгөн учуру ушул түштүк сүргүнүндө жүргөн жылдарына туура келет. «Түштүк поэмалары» («Кавказ туткуну», 1820—21; «Бир тууган каракчылар», 1821—22; «Бахчысарай фонтаны», 1823) П-дин чыг-лык өсүшүндө зор мааниге ээ. Бирок ушул жылдарда анын рухий турмушунда кризис да болот. Декабристтердин адабий, филос. коз караштары м-н келише албастыгына көзү жетет. Ушул бурулуш учурдан (1823, май) «Евгений Онегин» романын жазууга киришет, «Цыгандар» (1824) поэмасын жаратат. 1824-ж. кызматынан четтетилип, Михайловский кыш-на келет (көзөмөлдө жүрөт). Бул жерде «Кураңды тууроо» цикли, «Евгений Онегиндин» негизги бөлүмү, «Граф Нулин» поэмасы, ондогон лирикалык ырлары жазылат. П-дин чыг-лык эволюциясындагы чечүүчү учур — «Борис Годунов» (1825) трагедиясы. Аны м-н реализмге негиз салган, тарых м-н личносттун байланыш мамилелерин чечмелөөнүн үлгүсүн берген.

Декабристтердин которулушу талкаланган соң кийин Николай Iнин буйругу м-н П. 1826-ж. сент. айынын башында Москвага келет. Москвада «Сибирдин түнкүрүндө терең тайга», «Арион» аттуу ырларын жазат, 1827-ж. Сибирдеги декабрист И. Пущинге жашырын арноо жиберет («Менин биринчи досум...»). Россияның тарыхына, Пётр Iнин ишмердигине, олконун тарыхында жеке адамдын ролу м-н ордуна байланыштуу проблемаларга кызыгат («Улуу Пётрдун арабы», 1827; «Полтава», 1828). П-дин дүйн. масштабга которулуу бийиктиги Болдино мезгилинде (Болдиного 1830-ж. күзүндө келген) жазган чыгармалары м-н мүнөздөлөт. «Евгений Онегинди» аяктайт. Бул роман — орус коомунун тарыхый өнүгүшүндөгү социалдык, рухий ж-а адеп-ахлактык жагдайларды ар тараптан реалдуу чагылдырган көркөм энциклопедия. Адам тагдырын ж-а дүйнөсүн, коом турмушун филос. изилдөөгө алуу — П-дин чыг-лыгынын негизги пафосу. «Сарак рыцарь», «Моцарт менен Сальери», «Таш конок» жомоктор цикли, 30дай лирикалык ыры жаралат. 1831-ж. 18-февралда Гончаровага үйлөнөт (Москва), 15-майда Петербургга көчүп келет. Орус мамлекетинин тарыхына кайрадан кайрылып, 1832-ж. «Дубровский» романын, 1833-ж. «Капитан кызын» жазууга киришет. П-дин жаңы чыг-лык жогорулашы 1833-ж. Болдиного 2-жолу келгенде байкалат: «Пугачёвдун тарыхы», «Анжело» (поэма), «Батыш славян ырлары», «Балык менен балыкчы тууралуу жомок», «Жез атчан», «Карганын маткеси» (повесть), «Күз» ж. б. 1833—34-ж. акындын турмушундагы кыйын учурлар (акыркы) болот. Чыг-лык ачылыштарын (кийинки) түшүнүшпойт (Гоголдон башкалары), цензура күчөйт, 30-жылдардын башынан Ф. В. Булгарин башында турган реакция аны куйткулай баштайт. 1836-ж. «Современник» журналын чыгарат. Омүрүнүн акыркы жылдарындагы ырлары — жаңы типтеги медитатив лирикасы («Убакыт жетти досум...», «Полководец», акындын кредосун берген «Мен өзүмө эстелик тургузадым...» ж. б.). 1837-ж. жог. чойро ич ара бузукулук иштер жүргүзүп, аялын жаманатты кылып, абийирине шек келтирүүнүн натыйжасында П. француз эмигранты Ж. Дантес м-н болгон эрөөлдөн [27-янв. (8-февр.) 1837-ж.] каза табат. Элдин улуу акындын өлүмүнө болгон нааразылык сезимин М. Ю. Лермонтов, Ф. И. Тютчев, А. В. Кольцов оз ырларында туюнткан. Китептик тил нормалары м-н жандуу оозеки кепти (речти) айкалыштырган П-дин чыг-ларынын тили м-н азыркы орус адабий тилинин негизи түзүлгөн. П. азыркы проза жанрынын бардык негиздерин берди. «Белкиндин повесттери» — орус прозасындагы биринчи классикалык чыг-лар. П. көркөм ачылыштарынын негизинде чыныгы реалисттик метод жаратат. Улуу акындын — чыг-лары дээрлик бардык дүйнө тилдерине которулган. Пушкин таануу — орус адабият таануу илиминин негизги тармактарынын бири. Орус ад-ты интунда акындын кол жазмалары сакталып турат. «Пушкин. Изилдөөлөр жана материалдар» (т. 1—6, 1956—69) сериясы чыгат, бүткүл союздук Пушкин конф-ясы өтөт, СССР ИАнын Тил ж-а ад-т бөлүмүндө Пушкин б-ча туруктуу комиссия иштейт, ал «Временник» чыгарат («Пушкин. Пушкин комиссиясынын временниги», т. 1—6, 1936—41; «Пушкин комиссиясынын временниги», 1—9-чыгарылышы, 1963—73). Москва, Ленинград ж. б. ш-ларда ондогон Пушкин музейи бар. Москвада П. атн. Орус тил ин-ту ачылган. Акын жүргөн жерлер коомдук жайларга айланган.



А. С. Пушкин.

П-дин чыг-лары кыргызчага 30-жылдардан тартып которула баштаган. Ошондон бери акындын чыг-ларын которуу ишн тынымсыз жүргүзүлүп келет. Айрым чыг-лары бир нече ирет басылып чыкты. Атактуу «Евгений Онегин» романы үч жолу (1941-ж.— К. Баялинов; 1948-ж.— А. Осмонов; 1967-ж.— Э. Турсунов) которулуп басылды. Улуу акындын көркөм мурасын кыргыз окурмандарына жеткирүүдө У. Абдукаимов, А. Осмонов, Ж. Турусбеков, Т. Умоталиев, Э. Турсунов, С. Бектурсуновдор айтардык эмгектеништи. Кыргыз профессионал поэзиясын калыптандырууда П-дин таасири чоң. Улуу акындын көркөм мурасынын дүйн. мааниси ж-а кыргыз ад-тына азыркы учурда тийгизип жаткан жандуу таасири тууралуу көптөгөн изилдөөлөр, сын макалалар жазылды. Респ-кабызда шаар көчөлөрү, мектептер ж-а Жалал-Абад ш-ндагы пед. окуу жайы акындын ысмы м-н аталат.

Чыг.: Полн. собр. соч., т. 1—17, М.—Л., 1937—59; Чыгармалар, Фр., 1960; Ырлар, поэмалар жана драмалар, Фр., 1950; Ыр-

лар жана поэмалар, Фр., 1971; Кавказ туткуну, Фр., 1948; Капитан кызы, Фр., 1958; Евгений Онегин, Фр., 1967; Дубровский, Фр., 1972; Жомоктор, Фр., 1974.

Лб.: Белинский В. Г., Сочинения Александра Пушкина, Полн. собр. соч., т. 7, М., 1955; Чернышевский Н. Г., Сочинения Пушкина, Полн. собр. соч., т. 2, М., 1949; Добролюбов Н. А., А. С. Пушкин, Собр. соч., т. 1, М.—Л., 1961; его же, Сочинения Пушкина, там же, т. 2, М.—Л., 1962; Луначарский А. В., А. С. Пушкин, Собр. соч, т. I, М., 1963; Горький М., О Пушкине, М.—Л., 1937; Бродский Н. Л., А. С. Пушкин. Биография, М., 1937; Виноградов В. В., Язык Пушкина, М.—Л., 1935; его же, Стиль Пушкина, М., 1941; Благой Д. Д., Творческий путь Пушкина (1813—1826), М.—Л., 1950; его же, Творческий путь Пушкина (1826—1830), М., 1967; Томашевский Б. В., Пушкин, кн. 1—2, М.—Л., 1956—61; Алексеев М. П., Пушкин. Сравнительно-исторические исследования, Л., 1972; Бочаров С. Г., Поэтика Пушкина. Очерки, М., 1974; Словарь языка Пушкина, т. 1—4, М., 1956—61; Добровольский Л. М., Лавров В. М., Библиография Пушкинской библиографии. 1846—1950, М.—Л., 1951; Жакишев О., Белинский жана Пушкин, «Кыргыз совет адабияты», 1937, № 3—4, 64—67-б.; Жийдеева К., Лирика А. С. Пушкина в киргизских переводах, Фр., 1967.

ПУШКИН (1728—1918-ж.— Царское Село, 1918—37-ж.— Детское Село, А. С. Пушкиндин олгонунун 100 жылдыгында П. аталган) — РСФСРдин Ленинград обл-ндагы шаар. Ленинград ш-нан 24 *км* түш. тарапта. Т. ж. станциясы. Калкы 86,5 миң (1978). Жол машина ж-а электр, үйтиричилик прибору з-ддору, оюнчук ф-касы иштейт. Ленинград а. ч. иштер бар.

ПУШКИН — Киров р-пундагы Үч-Коргон айыл советине караштуу кыштак. «Кыргызстандын 40 жылдыгы» с-зунун аймагында. Райондун борбору Кировдон 12 *км* түн. тарапта. Жамбыл т. ж. станциясынан (Казак ССРи) 25 *км*. Калкы 1151 (1976). Сегиз жылдык мектеп, китепкана, медпункт бар.

ПУШТУ, афган тили (пашто)— *афгандардын* тили; Афг-ндын мамл. тилдеринин бири. П-ча 20 млн-го жакын киши, б. а. Афг-нда (8 млн-дон ашуун) м-н Пакистанда жашаган пуштулар (8 млн-дон ашуун) сүйлөйт. Инди-европа тил уясынын иран тобуна (чыгыш иран бутагы) кирет. Чыгыш ж-а батыш деген эки чоң диалекти бар. Бу диалектилердин негизинде ушул эле наамдагы эки адабий тил калыптанган. Жазмасы араб графикасынын базасында түзүлгөн.

Лб.: Дворянков Н. А., Язык пушту, М., 1960 (есть лит.); Калинина З. М., Очерки по лексикологии современного литературного пушту, М., 1972; Афганско-русский словарь (пушту), М., 1966.

ПУШТУНДАР — 1) Афг-ндан тышкары (негизинен Пакистандын Афг-нга чектеш жеринде) жашоочу афгандардын этностук аты. Жалпы саны 8 млн-дой (1971). Кобу *пушту* тилинин түн.-чыгыш, азы түн.-батыш диалектисинде сүйлөшөт. Дини б-ча мусулман-сунниттер. П-да урууларга болүнүү сакталган. Негизги бийлик дин кызматкерлери м-н уруу башчыларында. Канит. мамилелер онүгүүдө. Негизги кесиби — дыйканчылык ж-а мал чарбачылык. П-дын 20-к-га чейинки тарыхы афгандардын тарыхы м-н байланыштуу. Жери 1899-ж. Англия колониясы болгон Индияга кирген. 1947-ж. Индияны болүүдө П. жашаган райондор Пакистандын составына кошулган. Пакистандын 1973-жылдагы конституциясы б-ча П. жашаган Түш.-Батыш провинция кепчи автономия алган. 2) Афгандардын озун-озу аташы.

ПУЭБЛО — 1) АКШнын түш.-батышындагы индеец уруулар тобунун 16-к-дан берки испанча аты. Жалпы саны 35 миң (1967). Хопи, сунын, керес, тано тилдеринде сүйлөшөт. 20-к-дын 2-жарымына чейин испан тили экинчи тили болсо, азыр аны англис тили сүрүн чыгарууда. Негизинен католик динин тутушат. 2) Түш.-батыш Америкадагы индеец айыл-кыштактарынын испанча аты (16-к.).

ПУЭРТО-РИКО — Вест-Индиядагы өлкө. Пуэрто-Рико, Вьекес, Кулебра, Мона ж. б. а-дарда жайгашкан. АКШнын эллиги. Түндүгүнөн Атлантика океаны, түштүгүнөн Кариб деңизи чулгайт. Аянты 8,9 миң *км*². Калкы 3,2 млн (1976). Борбору — Сан-Хуан ш. (калкы 471,5 миң). Админ. жактан 7 округга болүнөт.

Табияты. Пуэрто-Рико а-нын көбү тоолуу. Батыштан чыгышты карай Кордильера-Сентраль (1338 *м*) тоолору созулуп жатат. Климаты тропиктик, пассаттык. Орт. темп-расы 24—28°С (түздүктөрдө). Жылдык жаанчачыны 900—2500 *мм*. Түн. капталдарында бир аз дайыма жашыл токой өсөт.

Калкы. Элинин көбү — пуэрториколуктар. Алардан башка америкалыктар ж. б. жашайт. Мамл. тили — испан ж-а англис тилдери. Дини — католицизм. Орт. жышт. 1 *км*²го 329 киши. Шаар калкы 58%. Шаарлары: Сан-Хуан, Баямон, Понсе ж. б.

Тарыхы. П.-Р. аралын 1493-ж. Х. Колумб ачкан. 16-к-дын башында испандык колонячылар басып алган. Аралдагы жерг. индеец эли баскынчыларга каршы баатырдык м-н күрөшкөн. Бирок баскынчылар 16-к-дын ортосунда жерг. калкты толук дээрлик кырып, П.-Р-го Африкадан негр кулдарды алып келишкен. Кийин испан бийлигине каршы чыгуулар, айрыча 19-к-да (1835, 1838, 1868-жылдардагы көтөрүлүш) күчөгөн. 19-к-дын 1-жарымында П.-Р-до амер. экспансия башталып, 1899-жылдагы Испания-АКШ согушунан кийин ал амер. колонияга айланган. 1917-жылдан П.-Р. «АКШнын территориясы» деп аталган. Амер. монополиялар П.-Р-нун экономикасын бир жактуу өнүктүрүп, пуэрториколук дыйкандардын жерин тартып алышкан. 1926—27-ж. жумушчулар иш таштоо жүштүрүп, 1934-ж. *Пуэрто-Рико коммунисттик партиясы* негизделген. Экинчи дүйн. согуштан кийин П.-Р-до жумушчу ж-а бошт. кыймыл күч алып, 1950-ж. жазында 150 миң жумушчу иш таштаган. Үшул эле жылы амер. колонячылардын өзүүсүнө каршы чыккан көтөрүлүш АКШ тарабынан аёосуз басылган. 1952-ж. П.-Р-до жерг. бийликтин укугу ого чектелген конституция кабыл алынып, ал б-ча П.-Р. «Эркин кошулган мамлекет» деп аталган м-н иш жүзүндө АКШга көз каранды калган. П.-Р. эли көз карандысыздык, социалдык прогресс ж-а демократия үчүн күрөшүн улантууда.

Саясий партиялары. Жаңы прогрессчил партия (ЖПП), жетекчи партия. 1968-ж. МРПнин болүнүшүнөн түзүлгөн. Элдик-демокр. партия (ЭДП), 1938-ж. негизделген. Ири буржуазия м-н мүдөөлөш, АКШнын монополия чойросу м-н тыгыз байланышта. Мамл. реси-кал партия (МРП), 1898-ж. негизделген. Элдик партия, 1968-ж. ЭДПден болүнгөн топ. П.-Р. көз карандысыздык партиясы (ПРКК П), 1946-ж. түзүлгөн. Пуэрто-Рико коммунисттик партиясы (ПКП), 1934-ж. негизделген. П.-Р. эмгекчилер федерациясы, 1957-ж. түзүлгөн. Эмгекчилердин амер. аралык регионалдык уюмуна кирет. П.-Р. эмгекчилеринин эркин федерациясы, 1899-ж. түзүлгөн.

Экономикасы. П.-Р. АКШнын капиталына күнкор. Ө. ж. ишканаларын, а. ч. өндүрүшүн, транспорт, байланыш, экспорт ж-а импортун АКШ башкарат. 1975-ж. 12,1 млн *кат·с* электр энергиясы алынган. Жеңил (тигүү, сайма, бут кийим ж. б.), тамак-аш (кант, балык иштетүү) ө. ж. бар. Нефть ажыратуу, хим., фармацевтика, электрон, электр-тех. ө. ж. иштейт. А. ч-га жарактуу жери 562 миң га, анын $^1/_2$ иштетилет, калганы жайыт ж-а шалбаа. Бал камыш, кофе, тамеки, цитрус ж. б. өсөт. Батат, маниок, жүгөрү эгилет. 1975-ж. 553

1. Сан-Хуан ш-нын деңиз жак жээги. 2. Агуадильяга жакын жердеги Атом борбору.







Сан-Хуандагы турак жай үйү.

миң үй, 227 миң чочко, 18 миң эчки болгон. Автомобиль жолунун уз. 16,7 миң *км* (1974). Ири порттору: Сан-Хуан, Понсе. Эл аралык маанидеги аэропорту бар. Сыртка нефть ажыратуу, электрон, электр-тех. ж-а о. ж. продукцияларын, кант, тамеки, ром, цитрус жемиштерин чыгарып, о. ж. сырьёсун, чала фабрикат, машина ж-а жабдуулар алат. Соода шериги— АКШ. Акча бирдиги — АКШ доллары.

Эл агартуусу. Элге билим берүүдө жеке сектор маанилүү роль ойнойт. 4—5 жашар балдар бакчада тарбияланат. Башталгыч мектеп 6 жылдык, ага 5 жаштан алынат. Орто мектеп 6 жылдык, 2 циклге бөлүнөт. Балдар орто мектепке 11 жаштан кирет. Кесипчилик-тех. орто мектептер башталгыч мектеп базасында иштейт. Сан-Хуанда П.-Р. ун-ти (1903-ж. негизделген; 8 филиалы м-н), Понседе П.-Р. Католик ун-ти (1948-ж. негизделген, жеке менчик), Сан-Херманда П.-Р. Америка аралык ун-ти (1912-ж. негизделген, жеке менчик, 7 филиалы м-н) бар. 28 китепкана, эң ириси — П.-Р. ун-тинин Башкы китепканасы (1903-ж. негизделген), 9 музей иштейт: Китептер үйү, Улуттук гвардиянын аскердик музейи, Роданте, көркөм иск-во, диний иск-во, аскер-деңиз тарыхы, Сан-Хуандагы Капшара паркынын калдыгынын тарыхы, Пуэрто-де-Тьеррада табигый-тарых, Понседеги сүрөт музейи.

1974-ж. П.-Р-до 20дай газета-журнал чыккан. Радио үктуруусу, телекөрсөтүүсү иштейт.

Лб.: Москаленко А. П., Пуэрто-Рико и США, М., 1974; Томас А. Б., История Латинской Америки, пер. с англ., М., 1960.

ПУЭРТО-РИКО КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫ (ПКП) 1934-ж. 23-сентябрда Понсе ш-нда өткөн съездде негизделген. Съезд өлкөдөгү коммунисттик топторду ж-а ийримдерди бириктирип, рев-ячыл жумушчу ж-а антиимпер. кыймылды жайылтуу милдетин койгон программа кабыл алган. 1946-ж. ПКПнин чукул чакырылган съездинде партиянын уставы, 1954-ж. 4-съездинде жаңы программасы кабыл алынган. ПКП уюшулгандан эле жумушчу табынын ж-а эмгекчилердин мүдөөсүн коздоп, террор ж-а куугунтуктоо шартында өлкөнүн күнкорсуздугу үчүн активдүү күрөшүүдө. ПКПнин делегациясы Коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын эл аралык кеңешмесине (1969, Москва) катышып, аның документтерин жактырган.

ПКП демокр. централизм принцибинде түзүлөт. Жог. органы — съезд, аның аралыгында БК ж-а Саясий комиссия. Борб. органы — айына чыгуучу «Пуэбло» газетасы.

ПУЭРТОРИКОЛУКТАР — Пуэрто-Рикону негизги калкы. Жалпы саны 4,4 млн (1975). П. 16-к-да индеец-карибдер кийин Африкадан кул катары алынып келинген негрлер м-н испаниялык колонячылардын аралашуусунан 16—19-к-да пайда болгон. П-га раса жагынан негр, мулат ж-а актар кирет. Испан ж-а англис тилинде сүйлөшөт. Дини ишенгендери — католиктер.

ПФАФФ ТЕҢДЕМЕСИ, $X_1dx_1+X_2dx_2+\ldots+X_ndx_n=0$ түрүндөгү теңдеме, мында $X_1, X_2, \ldots, X_n$ — берилген функциялар, $x_1, x_2, \ldots, x_n$ — көз каранды эмес өзгөрмө чоңдуктар. Бул теңдемени немец математиги И. Ф. Пфафф изилдеген (1814—15). П. т-н кон учурда айрым туундулуу дифференциал теңдемеге келтирүүгө болот. Жонокой дифференциал теңдемеден айырмаланып, П. т-нин жалпы чыгарылышы эркибизче алынган бир нече туруктуу сандарга көз каранды болбойт. Эң жонокой учурда П. т-нин төмөнкүдөй интегралы болушу мүмкүн: $\varphi(x_1, x_2, \ldots, x_n)=c=\text{const}$. Мындай чыгарылышы бар теңдеме толук интегралдануучу деп аталат. Толук интегралдануучулуктун критерийи болуп

$$\frac{\partial X_i}{\partial x_j}=\frac{\partial X_j}{\partial x_i}\ (i,\ j=1,2,\ldots h)$$

барабардыгы эсептелет. П. т. механикада, термодинамикада колдонулат.

ПХЕНЬЯН — шаар, КЭДРдин борбору. Өлкөнүн саясий, экон. ж-а маданий очогу. Пхёнан-Намдо провинциясынын админ. борбору. Тэдонган д-нын жээгинде. Климаты муссондук, мелүүн. Аянты 200 *км*². Калкы 1,5 млн (1974). Жолдор тоому.

П.— Кореядагы байыркы шаарлардын бири. 427—668-ж. Когурё мамлекетинин, 918—1392-ж. Коре династиясынын, Ли династиясы убагында (1392—1910) Түн.-Батыш Кореянын админ.-экон. борбору. П-дын эмгекчилери япон империалисттерине каршы күрөшкө (1905—45) активдүү катышкан. Аның үстөмдүгүнөн Корея бошогон соң (1945) П. корей элинин демокр. күчтөрүнүн базасына айланган. 1946-ж. февралда П-да Түн. Кореянын Убактылуу элдик комитети түзүлгөн. 1948-ж. сентябрда КЭДР жарыялангандан кийин П. өлкөнү тыпчтык жол м-н бириктирүү үчүн күрөштүн борборуна айланган. 1950—53-жылдагы согуштан кийин П. калыбына келтирилген.


Элдик бийликтин жылдарында о. ж. өнүккөн индустриялуу шаарга айланды. Артыкча машина куруу (так машиналар, текстиль ж-а транспорт машиналар, өлчөгүч приборлор з-ддору), электр тех. о. ж. өнүккөн. Текстиль, тамак-аш, химия ж. б. ишканалары бар. Кансон болот күкүу, түстүү металлдар (Нампхо ш-нда), Кымсон трактор, Тэан электр-механика ж. б. з-ддору иштейт.

Оң жээктеги мурдатан дубал м-н курчалган байыркы шаарда — Тэдонмун чыгыш дарбазасы (3-к., 17-к-да кайра курулган, 1950-ж. калыбына келтирилген), Потхонмун батыш дарбазасы (10-к., 15-к-да кайра курулган, 1950-ж. калыбына келтирилген), көзомолдоо мунарасы (азыр Енгванжон павильону, 1111), андан башка админ. ж-а коомдук имараттар бар. Сол жээкте — о. ж. району (20-к-дын башында курулган) жайгашкан. 20-кга чейин П-да негизинен короосу ж-а



Пхеньяндагы Тэдонмун дарбазасы. 982.

террасасы бар майда үйлөр көп болгон. КЭДР түзүлгөндөн кийин курулуш иши кулач жайып, 1953-ж. шаарды реконструкциялоо ж-а калыбына келтирүүнүн ген. планы бекитилип, жаңы аянттар (Ким Ир Сен аянты), көчөлөр, көп этаждуу үйлөр курулган. 50—70-жылдары тургузулган ири курулуштары: Ким Ир Сен атн. мамл. ун-т, вокзал (1957), Чоң театр (1960), «Пхеньян» мейманканасы (1960), Ко-



Пхеньян ш. Жаңы курулган район.



М. А. Пырьев.

рей рев-ясының музейи (1972), Спорт Сарайы (1972), метрополитен (алгачкы 6 станциясы 1973-ж. ишке киргизилген) ж. б.

П-да КЭДР ИА, коомдук, пед., мед., а. ч., токой илимдеринин академиялары, Пхеньян ун-ти, Ким Чхэк атн. политех. ин-т., мед., пед., мугалимдер, жецил о. ж., транспорт ж. б. ин-ттар бар. Ири китепканалар, музейлер, театрлар ж. б. иштейт.

ПЫРЬЕВ Иван Александрович [4(17). 11. 1901, азыркы Алтай крайы, Камень-на-Оби кыш.— 7. 2. 1968, Москва]—сов. кинорежиссёр, СССР эл арт. (1948). 1956-жылдан КПСС мүчөсү. 1923-ж. Гэктемастын актёр болүмүн бүтүргөн, режиссёр болүмүндө да окуган. 1921-жылдан театрда, 1925-жылдан кинодо иштеген. Алгачкы фильмдери: «Чоочун аял» (1929), «Мамлекеттик чиновник» (1931), «Партиялык билет» (1936), «Бай колукту» (1938), «Трактурчулар» (1939), «Чочкочу кыз жана койчу жигит» (1941), «Сибирь жери тууралуу жомок» (1948), «Кубань казактары» (1950) ж. б. муз. кинокомедияларды жараткан. 1942-ж. Улуу Ата Мек. согуш жылдарындагы партизандар ж-дө «Райкомдун секретары» (1942) фильмин, 1950—60-ж. «Биз тынчтык үчүн» (1952) документ фильмин ж-а «Берилгендикти сыноо» (1954) ж. б. фильмдерин койгон. Ал Ф. М. Достоевскийдин чыг-ларын экрандаштырып, андагы терең драматизмди, социалдык карама-каршылыкты билгичтик м-н ачкан. П. «Кейбир» («Настасья Филипповна», 1958), «Буурул түндөр» (1960), «Бир туган Карамазовдор» (1969; 3 бөлүмдөн) фильмдерин койгон. Бир топ фильми эл аралык кинофестивалдарда сыйлык алган. 1957—65-ж. П. СССР кинематография кызматкерлери союзунун уюштуруу комитетинин пред-ли болуп, бир нече жыл «Мосфильм» киностудиясына, кийин «Луч» чыгармачыл бирикмесине жетекчилик кылган. СССР мамл. сыйл. (1941, 1942, 1943, 1946, 1948, 1951) лауреаты. Үч Ленин ордени, башка 4 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

ПЬЕДЕСТАЛ (ит. piede — бут, аяк ж-а stallo — орун дегенден) — үстүнө скульптура чыгармасы (статуя, группа, бюст) же ваза, колонна, обелиск ж. б. коюла турган пайдубал, негиз, текче. Коюлуучу перселердин мүнөзүнө, мааниснне жараша П. геом. (арх-ралык ордер элементтери колдонулат) ж-а ар кандай эркин формада болот. П. көбүнчө таштан (гранит, мрамор), бетондон тургузулат.

ПЬЕЗОКВАРЦ (гр. piézo — кысам ж-а *кварц*) — *пьезоэлектр* касиетине ээ кварц кристаллы. Пьезоэлектр кубулушунун эффектисин бергендиктен радио электрон приборлорунда пайдаланылат. П-тын жасалма кристаллы техникада кеңири колдонулат, к. *Кварц*.

ПЬЕЗОМАГНЕТИЗМ (гр. piézo — кысам ж-а *магнетизм*), пьезомагниттүү эффект — сыртқы басымдын аракетинен затта магниттелиштин пайда болушу. П. антиферромагниттүү магнит структурасы бар заттарда гана болот, ал эми пара ж-а диамагнетиктерде болбойт. П. басымдын аракетинен антиферромагниттүү кристаллдын магнитик симметриясы өзгөргөндө пайда болуп, анда начар ферромагнетизм пайда болот. П. үч антиферромагниттүү кристаллдарда (MnF_2, CoF_2, α-Fe_2O_3) гана белгилүү. Булардагы магниттенин чоңдугу сериялгичтүү чыңалууга пропорциялаш болот. Пьезомагниттүү эффект анчалык чоң эмес, аның коэффициентинин максимум мааниси (CoF_2дө) $\Lambda_{ш}=2\cdot10^{-3}$ *эк* $\frac{см^3}{кгк}$ ($\sim2\cdot10^{-12}$ *т.л.·м²/н*).

ПЬЕЗОЭЛЕКТР (гр. piézo—кысам ж-а электр) — электр талаасының таасиринен мех. деформациянын (тескери пьезоэлектрдик эффект) ж-а мех. чыңалуунун таасиринен диэлектриктин поляризациясының (түз пьезоэлектрдик эффект) пайда болуу кубулушу. Бул кубулуштар пьезоэлектриктер деп аталган кристаллдарда байкалат. Пьезоэлектрдик эффектилерди биринчи жолу 1880-ж. франц. илимпоздор ага-ини Ж. ж-а П. Кюрилер кварц кристаллында байкаган. 1500дон ашуун кристаллдарда П. кубулушу болору аныкталган. П-дик кристаллдар техникада, акустикада, радиофизикада ж. б-да кеңири колдонулат.

ПЬЕСА, к. *Драма*.

ПЮПИТР (лат. pulpitum—жыгач текче дегенден) — муз. аспапка (рояль, пианино, орган, фисгармония ж. б) кошо жасалган нота койгуч текче. Стол үстүндө коюлуучу П. да болот, ага нота же китеп коюлат.

ПЯНОВСКИЙ ЖЫЛКЫ ЗАВОДУ 1907-ж. Пржевальск ш-нда штабс-капитан В. А. Пяновскийдин демилгеси м-н асыл тукум жылкы өстүрүү үчүн уюшулган. Аргындаштыруу үчүн алгач Ташкен ш-нан таза кандуу ж-а англ. асыл тукум аргын айгыр, беш бээ ж-а ахалтеке жылкысынан эки кулун алынып келинген. Булардан чыккан чалыш жылкы күлүктүү ж-а сымбаттуулугу м-н айырмалана баштаган. Бул асыл тукум жылкы өстүрүүнүн Жети-Суудагы биринчи тажрыйбасы болгон. Завод 20-жылдары азыркы Ысык-Көл р-нундагы Чоң-Оруктуу кыш-на которулган.

Лит.: Айтмамбетов Д., Ялымов Г., Боордош Россия—тең жарган заманыбыз, Фр., 1965.

ПЯРНУ (мурдагы Пернау, Пернов) — Эстон ССРиндеги шаар. Рига булуңуна Пярну д. куяр жеринде. Деңиз порту ж-а пристань. Т. ж. станциясы. Калкы 51 миң (1978). Климаттык ж-а баткак м-н дарылоочу курорт. Балык консерва ж-а эшгыр, текстиль комбинаттары, машина куруу, тамак-аш, токой о. ж. ишканалары иштейт. Драма театры, край таануу музейи ж. б. бар. П. 1251-жылдан белгилүү.

ПЯТИГОРСК — РСФСРдин Ставрополь крайындагы шаар. Бальнеологиялык ж-а баткак м-н дарылоочу курорт (к. *Кавказ минералдуу суулары*). Подкумок д-ның жээгинде, Машук тоосунун капталында. Минеральные Воды — Кисловодск т. ж-ндагы станция. Калкы 110 миң (1979). Ө. ж. негизинен курортту тейлейт. Тамак-аш (эт, шарап комбинаты, сүт, пиво з-ддору, кондитер ф-касы), жецил о. ж. (тигүү, бут кийим, килем) ишканалары ж. б. иштейт. Чет тил, пед., фармацевтика ин-ттары ж. б. окуу жайлар, край таануу музейи, М. Ю. Лермонтовдун музей-үйү, арх-ралык эстеликтер бар.

ПЯТИЛЕТКА, Кутусейит — Ош обл-ның Кара-Суу р-нундагы Төлойкон айыл советине караштуу кыштак. «Кеңеш» с-зунун аймагында. Райондун борбору Кара-Суу ш-нан 45 *км* түш. тарапта, Ош т. ж. станциясынан 6 *км*. Ак-Буура суусунун боюнда. Калкы 1771 (1976). Сегиз жылдык мектеп, үчүк санатории, медпункт бар.

ПЯТНИЦКИЙ Митрофан Ефимович [21. 6(3. 7). 1864, Александровка кыш., азыркы Воронеж обл. — 21. 1. 1927, Москва] — сов. музыкант, орус эл ырларын жыйноочу ж-а аткаруучу. Реси-канын эмг. сиң. арт. (1925). Диничил үй-бүлодон чыгып, диний окуу жайында окуган. 1899—1923-ж. Москвадагы оорукканалардын биринде ин жүргүзүүчү (делопроизводитель). Ырдоо онорү б-ча оз алдынча сабак алган. 1903-жылдан эл ырларын аткарып, концерттерге катыша баштаган. Фонографка 400дөй эл ырын жазып алып, жарыялаган (1904, 1914). Эл аспаптары м-н кийимдеринин коллекциясын жыйнаган. 1910-ж. орус эл-дик хорун уюштурган, ал хор Окт. рев-ясынан кийин ири аткаруучу коллективге айланып, П-дин ысмын алган (1940).

Р

Р — азыркы кыргыз алфавитиндеги жыйырманчы тамга; кыргыз тилиндеги уччул, бүйлочүл, жылчыкчыл, велярдуу дирилдеме, уяң үнсүз «р» тыбышын туюнтат.

РАБАТ — Марокконун админ.-саясий ж-а маданий борбор шаары. Атлантика океанынын жээгинде. Бу-Регрег д-ның чатында. Автомобиль жолдор тоому, т. ж. станциясы, аэропорту эл аралык мааниде. Калкы 679 миң (1976; Сале ш. м-н бирге). Ири текстиль ф-касы, тамак-аш, жыгач иштетүү, булгаары бут кийим, тигүү, полиграфия ишканалары бар. Кол өнөрчүлүк (килем, карапа, тери ж. б. буюмдар) өнүккөн.



Рабат ш-ның деңиз боюндагы бөлүгү.

Шаарда ун-т, админ. ж-а инженердик мектеп, мед. окуу жай, ил. мекемелер, китепкана, музейлер бар. Р. 12-к-да негизделген.

РАБИ МЕТОДУ — ядро, атом, молекулалардын магнит моменттерин ж-а молекулалык топтордогу молекулалардын *оз ара аракеттенишин* изилдөөчү резонанстык метод. Аны 1938-ж. амер. физик И. Раби түзгөн. Эгер чыңалышы H_0 талаадагы магнит моменти H_0 векторунун айланасында ар бири озүнүн жыштыгы б-ча прецессияланса, ядронун спини үчүн прецессиянын бурчтук жыштыгы: $\omega_0=\mu_I H_0/\hbar I=\gamma_I H_0$,

мында μ_I, I — магнит моменти ж-а ядронун спини, γ — гиромагниттик катыш, $\hbar$ — квант саны. Мындай катыштар молекуланын айлануу моменти үчүн да аткарылат.

РАБЛЕ Франсуа (1494-ж. чен, Турень, Шинон ш-на жакын — 9. 4. 1553, Париж) — француз жазуучусу, гуманист окумуштуу. Укук, мед., арх-я, топография б-ча билим алган. Медицинанын доктору (1537). 1532-ж. «Пантагрюэлди», кийинки жыйырма жыл ичинде «Гаргантюа жана Пантагрюэль» аттуу романдын үч китебин жарыкка чыгарган. «...Пантагрюэль» — француз мад-тынын Кайра жаралуу доорундагы корком энциклопедиясы. Бул романда француз элинин коомдук турмушу, диний, саясий, филос. көз карашы кенен чагылдырылган. Р. эски коомду келекелеген күлкүнү коомдук прогресске, гуманизм идеяларынын салтанатташына болгон зор ишеним м-н айкалыштырып, озүнүн «пантагрюэлизмин» (гуманизм) негиздеген.



Ф. Рабле.

Р. дүйн. ад-ттагы комедия чеберкатары романында эл чыг-ларының жомок, фаблио, тамаша, ылакап сыяктуу күлкүлүү жанрларын кеңири пайдаланган. Р-нин айтымында, күлкү — ден соолуктун, бакыттын белгиси. Р-нин комедиясы француз ад-тында Лафонтен м-н Мольерден Р. Роллана чейинки жазуучуларга чоң таасир тийгизген.

Чыг.: в рус. пер. — Гаргантюа и Пантагрюэль, М., 1966.

Лит.: Евнина Е. М., Ф. Рабле, М., 1948; Бахтин М., Творчество Ф. Рабле и народная культура средневековья и Ренессанса, М., 1965.

«РАБОТНИЦА» — аялдарга арналган коомдук-саясий ж-а адабий корком журнал. Москвада «Правда» басмасынан чыгат. В. И. Лениндин демилгеси б-ча уюштурулган (1914). 1914-ж. 7 саны чыгып, аның үчөөнү полиция конфискациялаган; 26-июндан (9-июль) полициянын куугунтуктоосуна байланыштуу чыкпай калган. 1917—18-ж. РСДРП(б) БКнын жумалык журналы катары чыгып турган. Журналды чыгаруу Гражд. согуш (1918—20) мезгилиндеги кыйынчылыкка байланыштуу убактылуу токтотулуп, 1923-жылдын январынан Москвада кайра чыгарыла баштаган. Тиражы 13 млн (1979). Ленин ордени (1964), Эмгек Кызыл Туу ордени (1933) м-н сыйланган.

«РАБОТНИЧЕСКО ДЕЛО» («Жумушчу иши») — күн сайын чыгуучу газета; Болгария компартиясынын Борб. Комитетинин органы. 1927-жылдын 5-мартынан чыга баштап, «Работнически вестник» (1897-ж. сентябрда негизделген) газетасының ишин улантқан. Софияда чыгат. Тиражы 750 миң (1974).

«РАБОЧАЯ ГАЗЕТА» — 1) большевиктчил жашырын газета. 1910-ж. 30-октябрдан (12-ноябрь) 1912-ж. 30-июлга (12-авг.) чейин Парижде 9 саны чыккан. Аның демилгечиси ж-а редактору — В. И. Ленин, секретары Н. К. Крупская болгон. Материалдык жардамды М. Горький берген. «Р. г.» *ликвидаторлор, отзовисттер, троцкизм* м-н күрөш жүргүзгөн. Газетанын тиражы 6 миң нускага чейин жеткен. РСДРПнин бүткүл россиялык 6-(Париж) конф-ясынын (1912) атайын чечими м-н РСДРП(б) БКнын органына айландырылган. «Р. г-да» В. И. Ленindин 15 макаласы жарыяланган. 2) Күн сайын чыгуучу массалык газета, ВКП(б) БКнын органы. Москвада 1922-ж. 1-мартан 1932-ж. 30-январга чейин (биринчи 98 саны «Рабочий» деген ат м-н) чыккан. Газета соц. курулушту ишке ашырууда, ага СССРдин жумушчу табын мобилизациялоодо ж-а соц. мелдешти жайылтууда зор роль ойногон.

Лит.: Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 6-т.; ошонуку, ошондо, 26-т.; Большевистская печать, М., 1962; Справочник журналиста, Л., 1971.

«РАБОЧИЙ ПУТЬ» — күн сайын чыгуучу легалдуу газета, РСДРП(б) БКнын органы. «Правда» газетасынын Убактылуу өкмөт куугунтуктатандан кийинки аттарынын бири. Петроградда «Труд» басмаканасында 1917-ж. 3(16)-сентябрдан 26-октябрга (8-ноябрь) чейин 46 саны чыккан. Тиражы 100 миң нускага жеткен. Редакцияга М. М. Володарский, Г. Я. Сокольников, И. В. Сталин ж. б. кирген. Газетага В. И. Ленindин 9 макаласы жарыяланган. 24-октябрда (6-ноябрь) Убактылуу өкмөт «Р. п.» газетасын жабууга буйрук берген. Юнкерлер отряды газетанын типографиясын басып алган. Бирок кызыл гвардиячылар м-н рев-ячыл солдаттар юнкерлерди типографиядан куун чыккан. 46-санына В. И. Ленindин Улуу Окт. рев-ясынын жеңиши ж-дө жазган «Россиянын гражданларына!» деген кайрылуусу жарыяланган. «Р. п.» 1917-ж. 27-октябрдан (9-ноябрь) кайра «Правда» деп чыга баштаган.

Ад.: Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 26-т.; Большевистская периодическая печать, М., 1964.

РАВАЛПИНДИ—Пакистандагы шаар. Лех д-ныи боюнда. Өлкодогу маанилүү экон. ж-а маданий башкы жай. Р-нин аймагы өлкөнүн борбору — Исламабад ш. м-н кошулуп кетет. Калкы 615 миң (1974). Жолдор тоому. Тамак-аш, текстиль (кебез, жибек м-н жүндөн кездеме токуу), хим.-фармацевтика, нефть ажыратуу, металл иштетүү ж-а машина куруу о. ж. ишканалары иштейт. Р-ге жакын нефть чыгат.

РАВАТ — Ош обл-ныи Баткен р-нундагы Самаркандек айыл советине караштуу кыштак. В. И. Ленинди 100 жылдыгы атн. с-здун аймагында. Ош — Исфана автомобиль жолунун боюнда. Райондун борбору Баткенден 81 *км* батыш тарапта. Шураб т. ж. станциясынан (Тажик ССРи) 42 *км*. Калкы 851 (1978). Орто мектеп, китепкана, медпункт бар.

РАВЕЛЬ Морис Жозеф (7. 3. 1875, Атлантика Пиренеи, Сибур — 28. 12. 1937, Париж) — француз композитору, Оксфорд ун-тинин музыка б-ча ардактуу доктору (1929). Париж консерваториясын бүткөн. Г. Форедеи композиция б-ча таалим алган. Атагын фортепиано үчүн жазылган «Инфантанын өлүмүнө паванасы» чыгарган. Р-дин фортепиано үчүн жазылган «Суунун кубулушу» (1901), «Чагылуу» (1905), «Түн жышаандары» (1908) ж. б. чыг-ларында *импрессионизм* принциптери байкалат. Композиторду испан музыкасы, эски ж-а жацы бийлер, жаз ритмдери кызыктырган («Испан бир сааты», 1907; «Болеро», 1928; «Испан рапсодиясы», 1907; «Бала жана сыйкырчылык», 1925; «Вальс», 1920 ж. б.). «Куперен күмбөзү» сюитасын (1917) өзү катышкан биринчи дүйн. согушта курман болгон жолдошторуна арнаган. Пианист ж-а дирижёр катары көп өлкөлөрдө гастролдо болгон. Р-дин чыг-лыгы оригиналдуулугу, терең гумандуулугу м-н өзгөчөлөнөт. Кыргыз опера ж-а балет театрында Р-дин «Болеросу» коюлган (1970).

Ад.: Шнеерсон Г., Французская музыка XX века, 2 изд., М., 1970.

РАВЕНСБРЮК — Фюрстенберг ш-на жакын жердеги (азыр ГДРде) аялдар концлагери. 1939—45-ж. Европанын 23 өлкөсүнөн 132 миң аял ж-а жүздөгөн бала камалып, 93 миңи өлтүрүлгөн. Р-та стерилдөө, инфекция ооруларын жуктуруу сыяктуу «мед. эксперименттер» кеңири жүргүзүлгөн. Лагерде Каршылык көрсөтүү кыймылынын антифаш. тобу иштеген. Р-тун туткундарын 1945-ж. 30-апрелде Сов. Армия бошоткон. Мурдагы лагердин ордунда эстелик ж-а мемориал музей бар.

Ад.: Нюрнбергский процесс над главными немецкими военными преступниками, т. 4, М., 1959, с. 295—554; Женщины Равенсбрюка, пер. с нем., М., 1960.

РАДАР (англ. radar — радио аркылуу билүү ж-а аралыкты аныктоо), радиолокатор, радиолокация станциясы (РЛС) — радиолокация методдору м-н асмандагы, суудагы же жердеги объектинин табуучу ж-а ордун аныктоочу түзүлүш. РЛС метр, дециметр, сантиметр ж-а миллиметр диапазондо иштөөчү кубаттуу (импульстуу) радио бергичтен, багыттама антеннадан, радио кабылдагычтан, индикатордуу түзүлүштөн, көшүмча жабдуулардан турат. Аралыкына жараша асмандагы, жердеги, суу астындагы объектини тапкыч ж. б. болуп болүнөт. Ал аскер ишинде, деңиз, дарыя ж-а аба транспортунда, астр-я, космонавтика, метеорология ж. б. тармактарда колдонулат.

РАДИАН (лат. radius — шоола, радиус) — борб. бурчка тиреген айланаиын жаасынын узундугу радиусуна барабар болгон бурч; ал 57°17′44,8″ ка барабар. Р. бурчтарды радиан аркылуу же айланта өлчөодо бурчтук бирдик катары кабыл алынган. Эгер айланма чен бирдиги *а* Р-га барабар болсо, анда аныи бурчу 180° *a*/π градуска барабар; тескерисинче, бурч $n°$ болсо, анда айланма чен бирдиги $\frac{\pi n^2}{180^2}$ Р. болот. Мис., 30°, 45°, 60°, 90°, 180° бурчтарга $\frac{\pi}{6}, \frac{\pi}{4}, \frac{\pi}{3}, \frac{\pi}{2}, \pi$ радиан бурчтары дал келет.

РАДИАТОР (лат. radio — нур чыгарам) — 1) *жылуулук техникада* — жылыткыч системаларында колдонулуучу жылыткыч прибор. Р. жылуулук ташыгыч (суу же буу) айланып ага турган көндөйү бар айрым секциядан же топ секциядан туруп, бир ж-а көп каналдуу болуп айырмаланат. Көбүнчө чоюн же болоттон даярдалат. 2) *Ички күймо кыймылдаткычта* — кыймылдаткычтын муздатуу системасындагы суюктуктун жылуулугун атм-рага чыгаруучу түзүлүш. Ал өзөктөн (муздаткыч болгуу), түтүктүү жог. ж-а төмөнкү кутудан турат. 3) *Радио электроникада* — жылуулук болуп чыгаргыч (резистор, жарым өткоргуч приборлор ж. б.) элементтерди муздаткыч түзүлүш. Р. андай элементтердин иштөө учурунда туруктуу темп-раны сактайт, айрыкча жарым өткоргучтөрдүн иштөөсүнүн ишенимдүүлүгүн ж-а узактыгын жогорулатат. Конструкциясы б-ча кырлуу, ийнелүү ж. б. болуп айырмаланат.

РАДИАЦИЯДАН КОРГООЧУ ЗАТТАР, радиопротекторлор — биол. объектилерди — микроорганизм, өсүмдүк, жаныбарлар ж-а адамды иондоштуруучу нурлануудан сактоо үчүн колдонулуучу хим. заттар. Бул заттар чөйрөгө же организмге иондоштуруучу нурлар тийип жаткан кезде же тийип бүткөндөн кийин киргизилет. Составында сульфгидрил тобу (—SH) бар заттар (цистеин, меркаптоаминдер, индолилалкиламиндер ж. б.) — радиациядан патыйжалуу коргоочу заттар. Р. к. з. организмди нур даарууиун бардык таасирин (леталдык, генетикалык) басаңдатат. Клетка ж-а ткандагы кычкылтекти азайтып, тиолду кобойтүү м-н кычкылдануу-калыбына келүү потенциалынын азайышына алып келет. Р. к. з-дын таасири дозаны азайтуу фактору м-н түшүнтулат, к. *Радиациянын сезгичтик.*

Ад.: Граевский Э. Я., Сульфгидрильные группы и радиочувствительность. М., 1969.

РАДИАЦИЯ КООПСУЗДУГУ — радиоактивдүү заттар ж-а иондоштуруучу нурлар м-н иштөөдө алардын организмге тийгизген биол. таасиринен коргонуу чараларынын комплекси. Ал бардык иондоштуруучу нурлардын суммалык дозасын белгиленген чеңге чейин азайтууну камсыз кылат. Рентген түтүгү, тездеткичтер радиоактивдүү заттарды сыртка чыгарбайт. Мында организмге сырткы нур даарууга гана таасир этиши мүмкүн. Радиоактивдүү заттар дем алуу, тамак сицирүү органдары, тери аркылуу организмге өтсө, ички нур даарууга коркунуч туудурат (к. *Организми нур даарууу*). Ага каршы желдетүү системасында чыпка орнотуу, технол. жабдууларды ж-а иштеген орунду герметизация ж. б. чаралар жүргүзүлөт. Р. к-нун милдетине радиоактивдүү заттар м-н булганууиун өлчөмүн тактоо, радиоактивдүү ташталындыларды жыйноо, жоготуу ж. б. чаралар кирет. Радиациядан коргонуу б-ча эл аралык комиссиянын чечимине ылайык СССРде радиоактивдүү заттар м-н иштөөнүн санитариялык жобосу ж-а нормалары иштелип чыккан.

Ад.: Нормы радиационной безопасности (НРБ-69), 2 изд., М., 1972; Маргулис У. Л., Радиация и защита, 3 изд., М., 1974.

РАДИАЦИЯЛЫК ХИМИЯ — химиянын иондоштуруучу нурлардын таасири аркылуу жүрө турган хим. процесстерди изилдөөчү тармагы. Иондоштуруучу касиетке гамма, рентген, ультракызгылт көк нурлар ж-а электрондор агымы, оор ядролордун бөлүкчөлөрү ээ. Р. х. процесси жүрүш үчүн нурлардын энергиясы атомдордун ж-а молекулалардын *иондоштуруучу потенциалынан* жогору болуш керек. Нурлардын хим. процесстерге көмөктөшү радиоактивдүүлүк ачылгандан (1896, А. *Беккерель*) кийин белгилүү болгон. Бирок Р. х. илим катары ядро реактору түзүлгөн мезгилде калыптанган. Радиациялык процесстерге суунун *радиолизи*, радиоактивдүү заттардын эритмелердеги хим. өзгөрүшү, атомдук техникада колдонулуучу заттардын нурланышы ж. б. кирет.

Нурлануу абалындагы хим. процесстер 3 стадияга болүнөт. Физ. деп аталган 1-стадияда заряддалган тез болүкчөлөр чөйрөнүн молекулалары м-н урунушуп, өз кинетикалык энергиясын өткөрүп беришет. Патыйжада «активделген» иондор ж-а молекулалар пайда болот (2-стадия). «Активделген» болүкчөлөр туруксуз болгондуктан өз ара чөйрөнүн молекулалары м-н реакцияланышып, процесстин акыркы стадиясында радиохим. продуктуларды пайда кылат. Нурлардын патыйжалуулугу радиохим. патыйжаны өлчөмү м-н туюнтулат. Ал 100 *эв* энергия сицирген заттын өзгөрүлгөн молекула саны м-н аныкталат. Р. х. процесстерин жүргүзүү үчүн ар түрдүү нурланткычтар колдонулат. Азыркы Р. х. атомдук физика, энергетика, космостук изилдөө, медицина ж-а биология илимдери м-н тыгыз байланышта.

Ад.: Верещинский И. В., Пикаев А. К., Введение в радиационную химию, М., 1963.

РАДИАЦИЯНЫ СЕЗГИЧТИК — биол. объектилердин иондоштуруучу нурлануусуну сезгичтиги. Иондоштуруучу нурлар ар башка клетка ж-а организмде түрдүү өзгөрүүлөрдү пайда кылат. Бир же көп клеткалуу организмдин радиациянын таасиринен олүшү же активдүүлүгүн жоготушу (леталдык таасири) Р. с-ти баалоонун ченеми болуп эсептелет. Иондоштуруучу радиациянын леталдык таасири түрдүү организмде ар башка. Мис., клеткалар иондоштуруучу радиацияга учураган соң бир же бир нече ирет болүнүүдөн ар кандай убакыттын ичинде өлөт. Р. с. төмөнкүчө аныкталат: биол. объектилерди түрдүү доза м-н нурлантып, ар бир дозадан кийин алардын тирүү калгандарынын проценти табылат. Организмдердин 50% тирүү калган дозасы леталдык доза ($ЛД_{50}$) деп аталат. Р. с-ке клетка ж-а организмдин хим. составы, физ. абалы, дозанын кубаттуулугу ж-а чөйрөдөгү шарттар чоң таасир тийгизет. *Нур оорусун, рак* ооруларын дарылоодо, өсүмдүктөрдүн өсүп-өнүгүшүн тездетүүдө, жасалма *мутагенезди* алууда — Р. с-ти ар тараптан изилдөө маанилүү.

РАДИЙ (лат. Radium), Ra — Менделеевдин мезгилдик системасынын II тобундагы радиоактивдүү хим. элемент; ат. н. 88. Аныи массалык саны 213, 215, 219—230 болгон изотоптору белгилүү. Алардын ичинен α—радиоактивдүү ^{226}Ra эң туруктуусу. Р-ди 1898-ж. Мария ж-а Пьер Кюрилер ачышкан. Р.— абдан сейрек ж-а чачыранды элемент, аныи негизги булагы болгон уран рудаларында 1 т ураига 0,34 *г*дан ашпаган Ra туура келет.

Р.— абада тез карарып кетүүчү, күмүш сымал ак, жылтырак металл, эрүү t 700—960°С, кайноо t 1140°Сге жакын. Кычкылдануу даражасы +2; хим. касиети барийге окшош, бирок андан активдүүрөөк. Ал кычкылтек м-н RaO, азот м-н Ra_3N_2, суу м-н суутек болуп чыгарып, күчтүү негиз пайда кылат. Аныи бромид, хлорид, иодид, нитрат, сульфиддери сууда эрийт, ал эми карбонат, сульфат, хроматтары эрибейт.

Р-дин касиеттерин изилдөө радиоактивдүүлүккө байланыштуу көп маселелерди түшүндүрүүдө чоң роль ойноду. Р. медицинада ж-а нейтрон булактарын алууда колдонулат. Организмге Ra тамак м-н келет. Киши суткасына тамак ж-а суу м-н $2{,}3 \cdot 10^{-12}$ *кюри* ^{226}Ra кабыл алат. Кабыл алынган Р-дин 80%ке жакыны соок ткандарына чогулуп, концентрациясы көп болсо, соок өзүнөн өзү сынат, шишик пайда болот. Өсүмдүктөрдө Р-дин жыйылышы аныи түрүно ж-а оскон шартына байланыштуу.

Ад.: Погодин С. А., Либман Э. П., Как добыли советский радий, М., 1971.

РАДИКАЛ (лат. radix — тамыр) — мат. белги ($\sqrt[n]{\ }$). Бул белги м-н кандайдыр *а* санынан *n*-даражадагы тамыр чыгаруу амалы, б. а. $\sqrt[n]{a}$ белгиленет.

РАДИКАЛДАР ТЕОРИЯСЫ—орг. химиядагы биринчи спецификалык теория. 1815-ж. *Гей-Люссактын* циандуу бирикмелерди изилдеши Р. т-н түзүүгө түрткү болгон. Бул изилдөөдө хим. реакцияларда циан (—CN) тобу бир молекуладан экинчи молекулага откондүгү байкалып, ал радикалдар деп аталган. Радикалдар бир гана атомдун ролун аткарып, атомдордон оздорунун татаалдыгы м-н айырмаланат. 1832-ж. немец химиктери Ю. Либих м-н Ф. Вёлер бензоил C_7H_5O атом тобу хим. реакцияларда молекуладан молекулага өзгөрбөстон өтүп, C_7H_5OH (бензой альдегиди), C_7H_5OCl (хлордуу бензоил), $(C_7H_5O)_2O$ (бензой ангидриди) сыяктуу бирикмелерди пайда кылары көрсөткөн. Ю. Либих м-н Ж. Дюма орг. эмес бирикмелер жөнөкөй радикалдардан, орг. бирикмелер татаал радикалдардан турат деп эсептешкен. 19-к-дын 40—50-жылдарында бул теорияны ордуна типтер теориясы сунуш кылынган.

РАДИКУЛИТ (лат. radicula — тамыр) — жүлүндөн чыккан нерв талчаларынын сезгениши, к. *Кулж.*

«РАДИО» — ай сайын чыгуучу илпопулярдык массалык радиотех. журнал. СССР байланыш мин-восу м-н ДОСААФтын органы. 1924-жылдан Москвада чыгат. «Р.» радиотехникапын, электроникапын, байланыштын ж. б. маанилүү жетишкендиктери м-н тааныштырат. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган (1974). Тиражы 850 миң нуска (1975).

РАДИО (лат. radio — нур чыгарам, radius — нур) — 1) радио толкундарын жардамы м-н кабарды (информацияны) аралыкка зымсыз берүү ыкмасы. Аны А. С. Попов (1895) ойлоп чыгарган. 2) Илим ж-а техниканын радио толкундарга байланыштуу кубулуштарды изилдөөчү тармагы. 3) Информацияны (саясий, маданий маалымат) массага таратуу, б. а. радио уктуруу. «Р.» өз алдынча термин катары 20-к-дын 10-жылдарынан колдонула баштады.

РАДИО... — татаал создордун башкы бөлүгү; *радиого* (мис., *радио толкундар*) ж-а радиоактивдүүлүккө (мис., *радиография*) байланыштуу маани туюнтат.

РАДИОАКТИВДҮҮ БУЛГАНУУ — ядролук жардыруулардан, радиоактивдүү элементтүү кендерди иштетүүдөн, радиоактивдүү таштандылардан, атомдук ишканалардагы авариялардан болүнүп чыккан радиоактивдүү заттардын тирүү организмдерге ж-а алардын жашоо чөйрөсүнө (атм-рага, сууга, топуракка) тарашы. Р. б-ну ядролордун болүнүүсүнөн пайда болгон заттар, жаратылыштагы ж-а жасалма жол м-н алынган *радиоактивдүү элементтер* пайда кылат. Р. б-нүн өлчөмү радиохим., радиометриялык, спектрометриялык ж. б. методдор м-н аныкталат. Радиоактивдүү заттар агын суу, көл, деңиз, океандарга түшүп, тамак заттар ж-а суу аркылуу алардагы өсүмдүк ж-а жаныбарлардын организмине өтөт. Жер кыртышындагы ж-а абадагы радиоактивдүү заттар өсүмдүктөрго тамыры ж-а жалбыректары аркылуу, айбанат ж-а кишиге суу, азык-түлүк аркылуу келет. Өсүмдүк, жаныбар организмине өткөн радиоактивдүү заттар жыйналып, концентрациясы чөйрөдөгүдөн көбөйүп кетет. Радиоактивдүү заттарды өзүнө жыйнаган организмдер «радиоактивдүү заттардын биоиндикаторлору» деп аталат. Ядро энергиясын колдонуунун өсүшү чөйрөдө радиоактивдүү заттардын көбөйүү мүмкүнчүлүгүн пайда кылып, алардан коргонуу проблемасын туудурат.

Ад.: Современные проблемы радиобиологии, под общ. ред. А. М. Кузина, т. 2, М., 1971.

РАДИОАКТИВДҮҮЛҮК *(радио...* ж-а *активдүүлүк)* — хим. элементтин туруксуз изотобунун өзүнөн өзү эруксуз изотобунун же ядролорду (мис., α-бөлүкчөнү) бөлүп чыгаруу м-н башка элементтин изотобуна айланышы. «Р.» түшүнүгү элементардык бөлүкчөлөрдүн бири бирине айланышында да пайдаланылат. Жаратылыштагы изотоптордо байкалуучу Р. табигый, ал эми ядро реакциясы жолу м-н алынганы жасалма Р. деп аталат. Р. элементардык (бир баскычтуу) ж-а татаал (эки баскычтуу) айландыруу болуп болүнөт. Биринчисине α-ажыроо; β-ажыроонун бардык түрлөрү; ядронун өзүнөн өзү бөлүнүшү, протондук Р., эки протондук Р. ж-а эки нейтрондук Р. кирет. Эки баскычтууга кечигүүчү бөлүкчөлөрдү (протон, нейтрон, α-бөлүкчөлөрү, тритий ядросу ж-а ^3He) чыгаруучу процесстер кирет.

Р. 1896-ж. ачылган. Ал жылы А. *Беккерель* уран элементи табияты белгисиз нур чыгаргандыгын байкаган. Алар радиоактивдүү нур деп аталган. Кийин 1898-ж. М. Кюри ж-а П. Кюри *полоний* м-н *радий* да радиоактивдүү нур чыгарарын ачышкан. Э. *Резерфорд* ж. б-лар ра-

дноактивдүү элементтер α, β, γ — үч түрдүү нур чыгара тургандыгын аныктаган. 1934-ж. И. *Жолио-Кюри* ж-а Ф. *Жолио-Кюри* жасалма Р-ту ачышкан. Ядролордун (же элементардык болукчолордун) Р. ажыроо процесстери $N_t = N_0 \exp(-\lambda t)$ закону б-ча жүрот. Мында N_0 — убакыттын баштапкы учурундагы радиоактивдүү ядролор саны, N_t — t убакыттагы радиоактивдүү ядролор саны, λ — ажыроо туруктуулугу. Бул формула радиоактивдүү элементтин атомдорунун азаюу ылдамдыгын туюнтат. Р. *жарым ажыроо мезгили* $T = \ln 2/\lambda$ же орт. жашоо убактысы $\tau = 1/\lambda$ м-н мүнөздолот. Р-түн негизги бирдиги — *кюри* ж-а *резерфорд*. Р. техникада ж-а медицинада кеңири колдонулат.

Ад.: Кюри М., Радиоактивность, пер. с франц., 2 изд., М.—Л., 1960; Мурин А. Н., Введение в радиоактивность, Л., 1955; Учение о радиоактивности. История и современность, М., 1973.

РАДИОАКТИВДҮҮ МИНЕРАЛДАР — составындагы табигый радиоактивдүү элементтердин (узак мөөнөт сакталуучу радиоактивдүү изотоптор ^{238}U, ^{235}U, ^{232}Th) олчому жер кыртышында кезиккен алардын орт. олчомүнөн (кларктан) бир канча жогору болгон минералдар. Жаратылышта составында уран же торий кезиккен 250дөй Р. м. бар. Радийдин минералдары азырынча белгисиз. Р. м-дын ар түрдүү топторго ж-а класстарга киришин урандын торт ж-а алты валенттүү болушуна ж-а уран м-н торийдин өз ара, о. эле сейрек жер элементтери м-н изоморфизмде болушуна байланыштуу. Р. м. — уран же торий негизги компоненти болгон минералдарга ж-а алар кошумча изоморфтук аралашма түрүндө кирген минералдарга бөлүнөт.

Уран минералдары эки топко ажырайт. Төрт валенттүү урандын минералдары: уранинит, настуран (уранинитти бир түрү), коффинит, браннерит, уран коосу. Булар гидротерм, экзоген, пегматит кендеринде болот. Алты валенттүү урандын минералдары: беккерелит, кюрит, уранофан, отенит, торберинт, карнотит ж. б. Булар уран кендеринин кычкылдануу зонасында кезигет. Торий минералдары — торианит, торит жаратылышта аз кезигип, акцессор минералдары түрүндө гранит, сиенит, пегматиттерде болот. Составында уран ж-а торий кездешүүчү минералдар: титанаттар (давидит), титанотанталнобаттар (самарскит, колумбит, пирохлор), фосфаттар (монацит, ксенотим), силикаттар (циркон) ж. б. Чанда давидит м-н монациттин концентрациясы уран ж-а торий сырьёсу катары пайдаланылат.

Ад.: Бурьянова Е. З., Определитель минералов урана и тория, 2 изд., М., 1972.

РАДИОАКТИВДҮҮ РУДА — радиоактивдүү элементтердин (узак мөөнөт сакталуучу радиоактивдүү изотоптор ^{238}U, ^{235}U, ^{232}Th) минералдары бар руда, к. *Уран рудалары, Торий рудалары.*

РАДИОАКТИВДҮҮ ЭЛЕМЕНТТЕР — изотоптору радиоактивдүү болгон хим. элементтер. Аларга *технеций, прометий* ж-а *элементтердин мезгилдик системасында* полонийден кийин жайгашкан оор элементтердин баары кирет. Алардын сегизи гана (полонийден уранга чейин) жаратылышта кездешет. Калгандары жасалма жол м-н алынат. Жаратылышта кездешүүчү Р. э-дин ичинен уран м-н торий ото туруктуу. Алардын радиоактивдүү изотоптору жарым ажыроо мезгилинин узактыгы м-н мүнөздолот. Мис., урандын ^{238}U изотобунун жарым ажыроо мезгили 4,51 млрд, торийдин ^{232}Th изотобунуку 13,9 млрд жыл. Мындай мезгил Жердин жашына барабар болгондуктан алар биринчилик Р. э. деп эсептелет. Алардын ажыроосунан пайда болгон элементтердин изотоптору экинчилик элементтер деп аталат. Р. э. ооруларды дарылоо, пл. из. ж-а техниканын түрдүү тармактарында кеңен колдонулат.

Ад.: Несмеянов Ан. Н., Радиохимия, М., 1972.

РАДИОАСТРОНОМИЯ — астр-янын асман объектилери (Күн, жылдыз, галактика ж. б.) чыгарган *мм*дин үлүшүнөн *км*ге чейинки диапазондогу радио толкундарга байкоо жүргүзүүнүн негизинде ошол объектилердин өзүн изилдеген болүмү. Кээде Р-га радиолокациялык астрономияны да кошот. Теориялык изилдоолордо Р-нын бардык кубулуштары физикада радио нурлануу механизмдери м-н байланыштуу экени аныкталган. Изилдөө объекти б-ча ал Күн Р-сы, планеталык Р. ж-а метагалактикалык Р. болуп болүнөт. Күн Р-сы Күн атм-расын (хромосфераны, таажыны, күн шамалын) изилдейт. Негизги милдети — Күндүн активдүүлүгүнүн табиятын түшүндүрүү. Планеталык Р. планетанын бетиндеги жылуулук ж-а электрдик касиетин, спутниктерин, атм-расын ж-а радиация алкагын изилдейт. Бул метод планеталардын жерден караганда коюу туман м-н капталган бетин, о. эле ал планетага чейинки аралыкты, планетанын айлануу мезгилин, картографиялык түзүлүшүн изилдоого чоң таасирин тийгизет. Галактикалык Р. биздин Галактиканын структурасын, ядросунун активдүүлүгүн, жылдыз аралык газдын абалын ж-а ар кандай галактикалык булактардын радио нурлануусунун табиятын иликтейт. Метагалактикалык Р. биздин Галактикадан тышкары бардык объектилерди изилдейт.

Ад.: Шкловский И. С., Космическое радиоизлучение, М., 1956; Краус Д. Д., Радиоастрономия, пер. с англ., М., 1973.

РАДИО БАПЛАНЫШ — радио толкундарынын жардамы м-н *информация* берүү ж-а кабыл алуу системасы. Ал информация берүүчү тараптa радио бергичтен ж-а толкун таратуучу антеннадан, кабыл алган тараптa кабылдагыч антенна ж-а *радио кабылдагыч* түзүлүштөн турат. Кандайдыр бир диапазонго таандык гармоникалык термелүүлөр берилүүчү кабарга ылайык модуляцияланып, радиосигнал түзүлөт. Радиосигнал берүүчү антеннага отот да, ал аркылуу мейкиндикте тиешелүү түрдө модуляцияланган электр-магнит толкундары пайда болот. Радио толкундар таралып, кабыл алуучу антеннага жетет да, анда радио кабылдагычка отүүчү электр термелүүлөрүн пайда кылат.

1895-ж. А. С. Попов, 1896-ж. Г. Маркони сигналды эч кандай зымсыз алыс аралыкка берүүнү ишке ашырды. Р. б. бир же эки тараптуу, бир же көп каналдуу болуп болүнөт. Бирок Р. б. кубаттуу радио бергич ж-а сезгич-кабылдагыч түзүлгөндөн тартып онүгө баштады. Радиосигналдарды кыска аралыкка берүү ретрансляциялоочу радиорелелик байланыш линияларынын, бийикте учуучу (40 миң *км*дей) байланыш спутниктердин жардамы м-н жүргүзүлөт. Р. б. линиялары телефон кабарларын, телеграммаларды, цифралуу информацияны ж-а телекорсотүү программаларын берүү үчүн да пайдаланылат. Пайдалануу ж-а байланышуу алыстыгына жараша Р. б. линиялары — эл аралык ж-а союздук, союздук линиялар магистралдык ж-а зоналык болуп айырмаланат. Р. б. линияларынын онүгүүсү олконун байланышынын бирдиктүү автоматташтырылган системасына киришин эсепке алуу м-н пландаштырылган. Р. б-ты орнотуу ж-а системалуу иштетүүдө уюштуруу-тех. иш чаралар м-н каражаттар Р. б-тын кызматын түзөт. Ал аралыш, структурасы ж. б. б-ча айырмаланат.

Ад.: Гуситинский И. А., Пирогов А. А., Радиосвязь и радиовещание, М., 1974.

РАДИО БЕРГИЧ — радио жыштык диапазонунда модуляцияланган электр термелүүлөрүн пайда кылуучу түзүлүш. Эң жөнөкөй Р. б. туруктуу же өзгөрмө токтун энергиясын радио жыштык термелүү энергиясына айландыруучу, өзү дүүлүгүүчү генератордон, термелүүнүн кандайдыр бир параметрин (амплитудасын, жыштыгын, фазасын ж. б.) берилe турган сигналга жараша өзгөртүүчү модулятордон ж-а электр булагынан турат. Р. б. толкундардын диапазону ж-а антеннага берилүүчү термелүүлөрдүн кубаттуулугу б-ча аз кубаттуу (100 *ватка* чейин), орто кубаттуу (100 *ват* — 10 *квт*), кубаттуу (10 *квт* — 1 *Мвт*) ж-а ото кубаттуу (1 *Мвттан* ашык), модуляциялоо жолу б-ча амплитудалык, жыштыктуу, фазалуу же башка модуляциялуу; генератордук электрондуу приборлорунун тиби б-ча лампалуу, транзистордуу, магнетрондуу, клистрондуу ж. б.; арналышы б-ча байланыштык, уктургуч, локациялык ж. б.; жайгашуусу б-ча стационардык, көчмө болуп болүнөт. Р. б.— *радио байланыш, телекорсотүү, радио уктуруу, радиолокация, радионавигация* ж-а техниканын башка тармактарында, о. эле ил. эксперименттерде пайдаланылуучу түзүлүштөрдүн маанилүү болүгү.

РАДИОБИОЛОГИЯ — иондоштуруучу нурлануунун тирүү организмдерге ж-а бүтүн биосферага тийгизген таасирин изилдоочу илим. Ал *радиоактивдүүлүктүн* ж-а *рентген нурларынын* ачылышынан кийин онүккон. Р-нын илим катары калыптанышы ядро физикасынын ж-а техниканын өсүшү, ядро куралдарын сыноодо чойрөнүн радиоактивдүү булганыусу, о. эле адамдын космос мейкиндигине чыгышы ж. б. м-н байланыштуу. Р-нын негизги маселелери: организмди нур даарыудан сактоо ж-а андагы нур даарыудан болгон өзгөрүүнүн закон ченемин, нурлануунун генетикалык таасирин, *нур оорусун, ракты* дарылоодо жаңы методдорду, адамдын организмине космос радиациясынын, чойро радиациясынын таасирин изилдоо, анын кобойшүнүн коркунучтуулугун алдын ала билүү, иондоштуруучу нурларды медицина, а. ч., микробиология ж. б-да колдонуунун жаңы жолдорун табуу. Р-нын космос Р-сы, радиациялык микробиология, радиациялык селекция, радиоэкология ж. б. тармагы бар. СССРде Р. б-ча изилдоолор СССР ИАнын Биол. физика, Ленинград ядро физикасы ж. б. ин-ттарында, о. эле чет өлкөлөрдөгү (АКШ, Франция, Индия ж. б.) ил. из. борборлорунда жүргүзүлөт. СССРде Р-нын маселелери «Радиобиология» журналында жарыяланат.

Ад.: Основы радиационной биологии, М., 1964; Кузин А. М., Молекулярная радиобиология клеточного ядра, М., 1973; Эйдус Л. Х., Физико-химические основы радиобиологических процессов и защиты от излучений, М., 1972; Первичные радиобиологические процессы, 2 изд., М., 1973.

РАДИОГАЛАКТИКАЛАР — кадимки галактикаларга (биздин *Галактикага* же Андромеданын чоң галактикасына) салыштырганда өтө күбаттуу радио нурланууларга ээ болгон *галактикалар*. Р. галактикалардан тышкаркы радио булактардын көп сандагы тобун түзөт ж-а радио нурлануусу б-ча бир жагынан *квазарларга* ж-а нормалдуу (спиралдуу) галактикаларга таандык. Магнит талаасынын бир текттүүлүгү байкалбагандыктан Р-дын нурлануусу сызыктуу поляризацияланат. Р-дын радио нурлануусу синхрондуу табияттуу, б. а. ал начар магнит талаасындагы ультрарелятивдик (жарык ылдамдыгына жакын ылдамдык м-н) электрондун кыймылынан пайда болот. Р-дын эволюциясы, энергия булактарынын табияты м-н алардын релятивдик болүкчөнүн энергиясына айланышы абдан татаал проблемалардан. Р. ж-дагу гипотезалар азырынча так чечиле элек.

РАДИОГЕОЛОГИЯ, ядро геологиясы — Жер м-н космос нерселериндеги табигый ядролук өзгөрүү закон ченемин ж-а алардын геол. процесстерде чагылышын изилдоочу илим; *геологиянын* бир тармагы.

РАДИОГИДРОГЕОЛОГИЯ — *гидрогеологиянын* жер астындагы суулардын радиоактивдүүлүгүн изилдоочу тармагы.

РАДИОГРАФИЯ—радиоактивдүү нурлардын жардамы м-н сүротко тартып, изилдөө жолу. Р. кадимки сүроттон объективинин ички түзүлүш ботончолуктору көрсөтө алгандыгы м-н айырмаланат. Р-нын жардамы м-н козго көрүнбогон жашырын дефектилердин сүротү алынып, алардын формасы, олчому аныкталат. Р-да Co^{60}, Sc^{137}, Ta^{181} изотоптору кеңен пайдаланылат.

РАДИО ЖАҢЫРЫК — таралуу жолундагы объектиден чагылып, байкоо пункту кайра кабыл алган электр-магнит сигналы. Бардык радиолокациялык иштеши радио толкундун булактан объектиге ж-а объектиден байкоо пунктуна чейинки өткөн убакытын олчоого негизделген. Радиолокациялык бергичтин импульс модуляциясында объектиге чейинки аралык электр-магнит толкунунун таралуу ылдамдыгын радио импульстун радио бергичтен объектиге ж-а андан кайра радио бергичке чейин өткөн убакытка көбөйткөн көбөйтүндүсүнүн жарымына барабар.

РАДИОЗОНД — абанын темп-расын, басымын ж-а нымдуулугун түрдүү бийиктикте олчоочу ж-а маалыматтарды радио аркылуу Жерге автоматтык түрдө берүүчү аэрологиялык прибор. Р. сезгич элементтен (датчик), маалыматтарды электр сигналына айландыргычтан, код түзүүчтөн ж-а кыска толкундуу радио бергичтен турат. Ал атм-рага (30—40 *км* бийикке чейин) суутек толтурулган шар м-н көтөрүлүп, 150—200 *км* аралыкта абаны вертикалдык чалгындоо үчүн колдонулат. Биринчи Р-ду сов. илимпоз П. А. Молчанов 1930-ж. түзгөн.

РАДИОИЗОТОП ДИАГНОСТИКАСЫ— *радиологиянын* радиоактивдүү изотоптордун ж-а алар м-н белгиленген бирикмелердин жардамы м-н *диагностика* жүргүзүүчү бөлүгү. Р. д. радиоактивдүү изотоптордун организмге сиңишин, бир жерден экинчисине жылышын, бир жерден экинчисине жылып жүрүшүн, айрым ткандарда топтолушун, организмден бөлүнүп чыгышын ж. б. изилдейт. Аның методдору оорулуу адамдын организмине коркоорулуу туудурбайт, тыянагы так ж-а ныч туудурбайт, тыянагы так ж-а аныык болот. Мында адамдын организмин үчүн нурдун олчому аз, кыска мөөнөт туруктуу ж-а организмден тез бөлүнүп чыгуучу радиоактивдүү изотоптор пайдаланылат (мис., калкан безинин иштешин, кандын денеде айланып жүрүү ылдамдыгын аныктоодо ^{131}I, ыяндуу шишиктердин жайгашкан жерлерин табууда ^{32}P колдонулат). Радиоактивдүү изотоп организмге бир аз *микрокюри* олчомүндө киргизилип, аппараттардын жардамы м-н өсептелип чыгарылат да, изилденген орган же системанын функциялык абалына баа берилип, ар кандай дарттарга диагноз коюлат.

Ад.: Аграната В. З., Радиоизотопная диагностика злокачественных опухолей, М., 1967; Зедгенидзе Г. А., Зубовский Г. А., Клиническая радиоизотопная диагностика, М., 1968.

РАДИО КАБЫЛДАГЫЧ — радио сигналдарды же табигый радио нурлануулярды кабыл алуучу ж-а андагы информацияны пайдаланууга мүмкүн болгон түргө өзгөртүүчү түзүлүш. Р. к. аткаруучу негизги милдеттери: ж ы ш т ы к селекция — бардык радио жыштыктагы спектрден антеннага аракет кылуучу ж-а изделүүчү информациясы бар электр-магнит термелүүлөрүн бөлүп алуу; к ү ч ө т ү ү — кабыл алынган термелүүлөрдүн энергиясын пайдалануурга мүмкүн болгондой деңгээлге чейин көбөйтүү; д е т е к т и р л ө о — кабыл алынган модуляцияланган радио жыштык термелүүлөрдү информацияны түздөн түз өз ичине алган электр термелүүсүнө өзгөртүү. Ушуга ылайык Р. к. резонанстык жыштык-селекциялык тизмек, электр термелүүлөрүн күчөткүч ж-а детектордон түзүлөт. Р. к. арналышына жараша *радио уктуруучу, телекөрсөткүч, радио байланыш, радиолокация* болуп болүнөт.

Ад.: Радиоприёмные устройства, под общей ред. В. И. Сифорова, М., 1974; Чистяков Н. И., Сидоров В. М., Радиоприёмные устройства, М., 1974.

РАДИОКАНАЛ — радио толкундар таралган физ. чойро, к. *Байланыш каналы.*

РАДИОКОМПАС, автоматтык радиокомпас — жердеги радио станцияларды автоматтык пеленгөөчү самолёт радио пеленгатору. Ал өзүнчө система м-н байланыштуу ж-а 2 антенасы бар кабыл алгыч индикатордук түзүлүштөн турун, бергич радиостанция м-н бирдикте иштейт. Р. самолёттордун аэропорттун аймагына бет алышын, туура конушун, самолёттү башкаруунун башка навигациялык масселелерин чечүүнү камсыз кылат.

РАДИОЛА — *радио кабылдагычы, электр ойноткучу* бар радиотех. аппарат. Р-да жалпы түйүндөрдү — үн жыштыктагы электр термелүүлөрүн күчөткүчтү, өзгөрмө токту түзөткүчтү ж-а күчөтүп сүйлөгүчтөрдү пайдалануу аны жөнөкөйлөтөт ж-а арзандатат. Р-нын монофондуу ж-а стереофондуу үн чыгаруучу, столго ж-а полго коюлма конструкциялары чыгарылат. СССРде «Урал-112», «Ригонда-102», «Эстония-006» ж. б. Р. чыгарылат.


РАДИОЛИЗ (*радио...* ж-а гр. lysis — ажыратуу, бөлүнүү) — иондоштуруучу нурлануунун таасири м-н бапталган кыш хим. бирикменин радикалдарга, атомдорго ажырашы ж-а жаңы заттардын пайда болушу. Мис., рентген нурунун таасири м-н суунун молекуласы гидроксил радикалына ж-а суутектин атомуна ажырайт. Р. хим. синтезде, полимерди алууда ж-а ил. из. иштеринде кеңири колдонулат.

РАДИОЛОГИЯ — медицина илимиинин иондоштуруучу нурлануунуу медицинада колдонуунуу, нурлардын биол. таасирин изилдөөчү тармагы. Р. *рентгенология, рентген терапия, радиоизотоп диагностикасы,* нурдан зыянга чалдыгуулардын клиникасы ж-а терапиясы ж. б. бириктирет (к. *Нур оорусу*). Мед. Р. *рентген нурлары* ж-а табигый радиоактивдүүлүк ачылгандан кийин Р. илим катары өнүгө баштады. Жасалма радиоактивдүүлүктүн ачылышы м-н (1934) Р. дагы кеңейди. Радиоактивдүү заттарды пайдаланган баштап нур м-н дарылоонун жаңы методдору ж-а радиоизотоп диагностикасы пайда болду.

Кырг-нда мед. Р-нын башталышы 1937-жылга таандык. 1941-ж. рентген борборунун карамагында ар түрдүү коркунучтуу шишиктер м-н ооругандарды дарылоо үчүн 12 орундуу стационар ачылган. 1950-ж. Фрунзедеги онкология диспансеринде рентген терапия ж-а радиоактивдүү нурлар м-н дарылоо жүргүзүлө баштаган. 1959-ж. Онкология ж-а радиология ил. из. институту уюштурулуп, ал радиологиялык ж-а рентген терапиялык жаңы аппараттары м-н жабдылган. Р-нын маселелери «Медицинская радиология» (1956), «Вестник рентгенологии и радиологии» (1920) журналдарында жарыяланат.

Ад.: Козлова А. В., Лучевая терапия злокачественных опухолей, М., 1971; Переслегин И. А., Саркисян Ю. Х., Клиническая радиология, М., 1973.

РАДИОЛОКАЦИЯ *(радио...* ж-а лат. locatio—жайгашуу, жайгашуу орду) — радиотех. методдор м-н ар кандай объектилерди (самолёт, кеме ж. б.) табуу, таануу, координаталарын (ордун) ж. б. мүнөздомолорун аныктоо; Р. — радиоэлектрониканын маанилүү багыттарынын бири. Р. объектилердин электр-магнит толкундарын нурлантуу ж-а чагылтуу касиетине негизделет. Р-нын үч ыкмасы бар: а) объектиге радио толкун жиберилип, объектиден чагылган радио толкунду кабылдоо; б) жиберилген радио толкунду объект кабыл алып, аны



Аралыкты импульс методу м-н өлчөө схемасы: г — бутага чейинки аралык.

кайра нурланткан (ретрансляцияланган) радио толкунду кабылдоо; в) объектинин өзү чыгарган радио толкундарын кабылдоо. Биринчи, экинчи ыкма б-ча Р-лык байкоолорду жүргүзүүдө атайын кабылдагыч-бергич радиостанциялары, үчүнчү ыкмада кабылдагыч радиостанция колдонулат.

Р. радионавигация м-н тыгыз байланышта. Үч ж-а оптикалык каражаттарга караганда Р. объектини так ж-а бат табат. СССРде Р. 1923-жылдан жүргүзүлүүдө. Сов. илимпоздор Ю. Б. Кобзарев, П. А. Погорелов, Н. Я. Чернецов Р-ны өнүктүрүүгө зор салым кошту. Азыр Р. илим м-н техниканын тез өнүгүп, куралдуу күчтөр ж-а эл чарбасы үчүн зор мааниге ээ болгон тармагына айланды. Р-нын жардамы м-н навигация, учуучу аппараттарды башкаруу, кемелерди татаал жерлерден откорүү, аба ырайын алдын ала айтуу ж. б. иштер аткарылууда. Р. комплекстери Венера, Меркурий ж-а Марс планеталарын изилдөөдө колдонулат. Аларга чейинки аралык, алардын оз огунда айлануу ылдамдыгы ж-а атм-ра катмарлары тууралуу так маалыматтар алынды. Объектиге чейинки аралыкты аныктоо объектиден чагылган сигналдын чалгындоочу сигналга кеткен убакытка карата кечигүүсүн чеңоо негизделет (1-сүрөт). Чалгындоочу сигнал—толкун жибергичтен антенна аркылуу мейкиндикке берилүүчү чоң кубаттуулуктагы импульс. Чалгындоочу импульсту нурлантуу мезгили радио толкундун таралуусундагы башталгыч убакытты белгилейт. Нурлануу мезгили м-н объектиден чагылган импульсту кабыл алуу мезгилиндеги айырма кечигүү убактысы деп аталат. Кечигүү убактысы белгилүү болсо, аралык томонкү формула м-н аныкталат: $D=c\cdot t_к/2$; мында D — объектиге чейинки аралык, c — радио толкундун таралуу ылдамдыгы, $t_к$ — кечигүү убактысы. Кечигүү убактысын чеңоо методдоруна жараша Р-нын импульстук, жыштык, фазалык методдору бар. Радиолокатордун туура иштеши үчүн толкун жибергичтин, кабылдагычтын, индикатордун иштоо убакыттарын оз ара жонго салуу синхрондоштургуч аркылуу аткарылат.

Ад.: Современная радиолокация, пер. с англ., М., 1969; Теоретические основы радиолокации, под ред. Я. Д. Ширмана, М., 1970; Вопросы статической теории радиолокации, под ред. Г. П. Тартаковского, т. 1—2, М., 1973—74.

РАДИОЛОКАЦИЯЛЫК АСТРОНОМИЯ — астрономиянын бир болүмү; мында күн системасындагы телолор радио бергич аркылуу телого жиберилген ж-а андан чагылган радио толкундун жардамы м-н изилденет. Р. анын методдору астрометрия м-н астрофизиканын маселелерин чечүү үчүн колдонулат. *Радиолокацияны* колдонуу асман объектилерине жиберилген радиосигнал асман телолоруна жетип ж-а андан кайра келген убакыт б-ча өлчөп асман объектисине чейинки аралыкты өлчөөго мүмкүндүк түзөт. Планетаны ж-а Айды радиолокациялоодо алардын катуу бетинен чагылган радио толкундар изилденет, ал эми Күндү изилдөөдө күн таажысындагы иондошкон газдан чагылган жацырык сигнал кабыланат. Метеорлор м-н Айга жүргүзүлгөн радиолокациялык байкоолор 20-к-дын 40-жылдарында башталган.

РАДИОЛЮМИНЕСЦЕНЦИЯ — ядролук болүкчолордун *(альфа-болүкчолор, электрон, протон, нейтрон* ж. б.) же рентген нурунун аракетинен пайда болгон *люминесценция.*

РАДИОМАЯК навигациялык, радионавигациялык маяк — жер бетине же кыймылдуу объектиге орнотулуп, атайын радио сигналдарды чыгаруучу радиостанция. Р. сигналдарын кыймылдагы башка объектиде (кемеде, самолётто) кабыл алып, аның маякка карата багытын (пеленгин) аныктоого болот. Жонокой багытталган Р-ты пеленгдоо үчүн самолётто же кемеде багыт антеннасы бар радио кабылдагычтын болушу жетиштүү. Радиотех. чеңоолордун методуна жараша Р. негизги 4 класска бөлүнөт: амплитудалуу, фазалуу, жыштыктуу, убактылуу.

РАДИОМЕТЕОРОЛОГИЯ — тропосфера м-н стратосферадагы метеорол. шарттардын радио толкундардын (негизинен ультракыска толкун) таралышына тийгизген таасирин ж-а өпол таасир б-ча алардагы метеорол. кубулуштарды изилдөөчү илим. Алгачкы радиометеорол. байкоолорду А. С. *Попов* өзүнүн чагылган сезгич приборунун жардамы м-н жүргүзгөн (1895). 1920-жылдарда ультракыска толкундардын таралышы негизинен метеорол. процесстерге байланыштуу экендиги аныкталган. Радио толкундар тропосфера м-н стратосферада сынат, сицет, чагылат ж-а чачырайт. Бул кубулуштардын интенсивдүүлүгүнө тропосфера м-н стратосфераның абалы, б. а. атм-ралык басым, темп-ра, нымдуулук, о. эле гидрометеорлор (атмрадагы ным конденсациялары — жамгыр тамчылы, туман, булут) ж-а түрдүү аралашмалар сыяктуу факторлор шарттаган абанын сындыруу коэффициенти n таасир кылат. Р-нын ар түрдүү климаттык райондордо *n*дин мезгилдүү озгорүшүн, атм-ралык газдарда жутулушун, булуттар м-н жаанчачындарда басаңдоосун изилдөөчү болүгү радиоклиматология деп аталат. Радио толкундардын таралышын пайдалануу м-н атм-раны изилдөө иштеринде *радиолокация* кеңири колдонулууда.

Ад.: Насилов Д. Н., Радиометеорология, 2 изд., М., 1966.

РАДИОМЕТР *(радио...* ж-а *...метр)* — 1) электр-магнит нурлануунун энергиясын, 2) радиоактивдүү булактардын активдүүлүгүн (к. *Радиометрия*), 3) үндүн радиациялык басымын өлчөгүч прибор. О. эле Р.— радиотелескоптун кабыл алгыч болүгү.

РАДИОМЕТРДИК АНАЛИЗ — радиоактивдүү заттар болуп чыгаруучу α-, β-, γ- нурларын өлчөөго негизделген сан анализинин бир түрү. Ал изилденүүчү заттагы радиоактивдүү изотоптордун сапаттык ж-а сандык катнашын аныктоодо колдонулат. Бул анализде радиоактивдүү изотоптордун жалпы активдүүлүгү, б. а. убакыттын чен бирдигиндеги радиоактивдүү болүнүүнүн саны же болүнүп чыгуучу нурлардын түрү ж-а ар биринин энергиясы Гейгердин санагычы ж-а ядроспектроскопиялык куралдардын жардамы м-н өлчөнөт. Р. а-дин изотоп алмаштыруу, радиометрдик титрлоо ж. б. ыкмалары бар.

РАДИОМЕТРДИК ЭФФЕКТ — ар түрдүү темп-радагы ($T_1>T_2$) ж-а сейректелген газга жайгаштырылган эки беттин ортосунда түртүү күчүнүн пайда болуу кубулушу. Р. э. T_1 темп-радагы бетке урунуп, кайра артка кеткендеги молекулалардын орт. кинетикалык энергиясы T_2 темп-радагы бетке урунган молекулалардыкынан жогору болгондуктан пайда болот. Пластинканын муздак жак тарабындагы бетине урунгандагыга караганда анын ысыкка караган бетине орто эсеп м-н бир кыйла жог. энергиялуу молекулалар келип урунат.

РАДИОМЕТРИЯ — радиоактивдүү заттардагы нуклиддин активдүүлүгүн (убакыт бирдигиндеги болүнүп-ажыроо санын) өлчөө методдорунун жыйындысы. Р-ны 1930-ж. Э. *Резерфорд* м-н Х. Гейгер негиздеген. Р-лык методдордун түрлөрү көп ж-а алар радиоактивдүү заттарды (булакты) даярдоо ыкмасы, чеңоолордун түрү ж-а пайдаланыла турган физ. кубулуштар б-ча айырманат. α- ж-а β-нурлануулардын активдүүлүгүн абс. чеңоодо 4π-санагыч методу колдонулат да, бул учурда булактан ар кандай тарапты коздой таралган болүкчолор саналат. Активдүүлүк $A=N/PK$ формуласы м-н аныкталат, мында N — фонго ж-а саноо болбой калган убакыттагы эсепке алып, аларга түзөтүү киргизилгендеги саноонун ылдамдыгы, P — болүнүп-ажыроо схемасына түзөтүү, K — нуклиддин булакта ж-а булак коюлган затта жутулуу коэффициенти. Нуклиддин активдүүлүгүн чеңоодо дал келүү методу, калориметрдик, салыштырма методдор колдонулат. Бул үчүн иондоштуруучу камера, сцинтилляциялык санагыч ж-а жарым откоргүчтүү детектор пайдаланылат. Р. белгиленген атом методунда (к. *Изотоптук индикаторлор),* тоо тектин жашын аныктоодо, арх-яда ж. б. ар түрдүү маселелерди чечүүдө кеңири колдонулууда.

РАДИОНАВИГАЦИЯ — координаталары белгилүү кыймылсыз чекиттен же кыймылдуу объектинин өзүнөн радиотех. каражаттардын жардамы м-н кыймылдагы башка объектинин мейкиндиктеги координатасын, кыймыл багытын, ылдамдыгын ж-а курсун аныктоо. Радиотехниканы навигация үчүн колдонуу идеясы орус окумуштуусу А. С. Поповго таандык. Ал 1897-ж. радио бергич аппаратты радио маякта колдонууну сунуш кылып, радио толкундардын таралуу багытын антеннанын жардамы м-н аныктоого боло тургандыгын көрсөткөн. Р-да объектинин ордун аныктоо үчүн негизинен багытты аныктоо ж-а аралыкты аныктоо деген принцип колдонулат. Р-нын пайда болушу, осун өңүгүшү деңиз кемелеринин сүзүшүндө ж-а аба байланыш жолдорун пайдалануунда коопсуздукту камсыз кылууну ж-а аларды жонго салууну камсыз кылуу максатынан келип чыккан.

Ад.: Белавин О. В., Зернова М. В., Современные средства радионавигации, М., 1965.

РАДИО ӨЛЧӨӨ — радио тех. түзүлүштөрдү мүнөздөөчү электр, магнит, электр-магнит чоңдуктарын ж-а алардын катыштарын аныктоо. Р. о. методдору төмөнкү маанилүү тармактарга бөлүнөт: электр ж-а радио элементтеринин параметрлерин өлчөө; жарым откоргүчтүү ж-а электр-вакуумдук элементтердин, приборлордун ж-а түзүлүштөрдүн иштешинин режимдерин аныктоо; радио сигналдарын өлчөөнүн түрүн ж-а мүнөзүн аныктоо; электрондук ж-а радиотех. түзүлүштөрдүн мүнөздомолорун тактоо; радио өлчөгүч приборлорду, радио тех. блокторду, түзүлүштөрдү ж-а системаларды градуирлөө ж-а калибрлөө; материалдардын ж-а заттардын бир катар электр-физ. параметрлерин өлчөө. Р. о. радио байланышты, телекөрсөтүүнү, радиолокацияны, автоматика каражаттарын, тех. диагностиканы ж-а эсептөө техникасын иштеп чыгарууда, өндүрүүдө ж-а пайдалануунда, электрондук приборлорду ж-а элементтерди жасоодо өтө керек. Көп учурда радиотех. түзүлүштөрдүн параметрлерин өлчөө үчүн Р. о-нүн кыйыр методдору пайдаланылат. Р. о. лабор-я, өндүрүш ж-а талаа шарттарында жүргүзүлөт.

Ад.: Валитов Р. А., Сретенский В. Н., Радиотехнические измерения. М., 1970; Шкурин Г. П., Справочник по электро- и электронно-измерительным приборам. М., 1972.

РАДИО ӨНӨР ЖАЙЫ — телефон, телеграф, радио байланышы, радиолокация, радио уктуруу ж-а телекөрсөтүү үчүн жабдуу ж-а аппарат чыгаруучу машина куруу о. ж. тармагы. Россияда Р. о. ж. рев-яга чейин начар өнүгүп, радио аппаратынын көнчүлүгү чет өлкөлөрдөн сатылып алынчу. СССРде Совет бийлигинин 1-жылдарында эле азыркы ата мекендик Р. о. ж-н түзүү ж-дө программа иштелип, «Радиотехникалык иштерди борборлоштуруу жөнүндө» декрет кабыл алынган. 1918-ж. Нижний Новгороддо (Горький ш.) алгачкы радио лабор-я түзүлгөн. Р. о. ж. СССРде айрыкча 30-жылдары өнүгө баштайт, радио аппараттарынын жаңы түрлөрү өздөштүрүлөт. Р. о. ж. кыйла о. ж. ишканаларынан, бирикмелерден, ил. из. институттарынын конструкторлук үюмдарынан (Рига «ВЭФ» заводу, Ленинградда Козицкий атн. «Красная заря» өндүрүш бирикмеси, Львовдо «Электрон» ж. б.) турат. Радиоаппараты эл чарбачылыгынын бүт тармактарында, илим м-н техникада, куралдуу күчтөрдө, мад-т ж-а агартуу иштеринде кеңири колдонулат.

РАДИО ОЮРУ, радиоискусство — драмалык көркөм сүйлөө оюрунун радиодон уктурулуучу түрү. Радионун тех. каражаттарынын өңүгүшүнө байланыштуу пайда болгон. Кең мааниде Р. о. деп бардык көркөм радио берүүлөр аталып, музыка-сахна чыг-ларды да кирет. Р. о. өзүнчө көркөм чагылдыруу каражаттарына, чыг-лыктын ж-а кабылдоонун өзгөчө шарттарына ээ. Радиопьесада болуп жаткандар көрүнбөгөндүктөн, андагы каармандардын сырт келбети, кыймыл-аракети, ой-санаасы радиодо соз, сүйлөө ыргактары, музыка, үн аркылуу берилет. Булар Р. о-нүн өзүнө таандык эстетикалык өзгөчөлүгүн, аның таасир этүү ж-а кабылдоо мүнөзүн шарттайт. Р. о. актёрдон жумшак, токтоо, ишенимдүү, терең психол. кылдат үндү талап кылат. Коюучу (постановщик) актёрлор м-н бирге текстин так, мыкты чыгышына айрыкча көңүл бөлөт. Ушуга байланыштуу радиодо үн режиссёрунун иши чоң мааниге ээ. Р. о. 1920-жылдардын башында жаралган. Дүйнөдө биринчи радиодраманы 1924-ж. 15-январда Лондон радиостанциясы уктурган. СССРде биринчи радиопьеса 1925-ж. 25-декабрда уктурулган. Р. о-нүн теориялык негиздери 1920-жылдардын акырынан тартып түптөө башталган. 1929-ж. Москва радио борборунда «Радиотеатр оюркапасы» уюшулган. 30-жылдардын орто чениңен тартып көркөм радио уктуруу адабий, сценалык ж-а муз. чыг-лар жетишкендерди элге жайылтуу ишине айрыкча көңүл бөлүп, атайын адабий бөлүмдөр ж-а «Театр микрофондо» (1935) деген редакция түзүлгөн. Натыйжада сов. мыкты театрлар койгон оюндар, мыкты көркөм чыг-лар б-ча инсценировкалар жазылган. 1960-жылдардан тартып Р. о. радиодраматургияга көбүрөөк көңүл бөлүүдө. Кыргыз радиосунда көркөм радио берүүлөр «Биздин радиотеатр» деп аталган программадан уктурулат. Аның балдарга арналган да өзүнчө программасы («Балдар радиотеатры») бар. Бул радиотеатрларды калыпка салууга ж-а алардын берүүлөрүн калкка жеткирүүгө М. Рыскулов, Ш. Түмөнбаев, А. Көбөгонов, А. Боталиев, Б. Кыдыкеева, С. Күмүшалиева, Э. Муканбетов өңдүү актёрлор, А. Исмаилов, К. Алиев, Г. Норузбаева өңдүү дикторлор көп эмгек сиңирди. СССРде ж-а соц. өлкөлөрдө Р. о. жаңы адамды тарбиялоо, коммунизмди куруу ишинде активдүү күчкө айланган. Прогрессчил Р. о. капит. өлкөлөрдө да бар. Ал реакциячыл багыттагы радиодраматургия м-н күрөшө өңүгүүдө.


Ад.: Вопросы радиодраматургии, [Сб. ст.], М., 1970; Режиссура радиопостановок, [Сб. ст.], М., 1970; Марченко Т., Радиотеатр, М., 1970.

РАДИОПЕЛЕНГАЦИЯ—радио толкундун багытын аныктоо; *пеленгациянын* бир түрү. Р. радиопеленгатор м-н ишт-

ке ашырылат. Радиопеленгатор радио толкундарды кабыл алгыч антенна-фидердүү системадан (АФС) ж-а кабыл алгыч индикатордон турат. Кабыл алынган радио толкундар АФСте пайда кылган өзгөрмө э. к. к-төрүнүн амплитудаларынын же фазаларынын айырмасы ченоонун натыйжасында кабыл алгыч индикатордо пеленгделүүчү объектинин багыты аныкталат. Бири биринен алыс аралыкта жайгашкан эки радиопеленгатордо пайдаланууу пеленгделүүчү объектинин ордун аныктоого мүмкүндүк берет; ал объект эки радио толкундун багытынын кесилишкен чекитинде жайгашат.

РАДИОРЕЛЕЛИК БАЙЛАНЫШ — жайгашкан антенналары бири биринө көрүнгөн аралыкта бир нече кабыл алып-бергич радиостанциялардын жардамы м-н ишке ашырылуучу радио байланыш. Ар бир мындай станция көшү станциядан сигналды кабыл алып, күчөтөт ж-а аны кийинки станцияга берет (к. сүрөт). Р. б. дециметр *(ДМ)* ж-а сантиметр *(СМ)* толкундар м-н телефон, телеграф, телекөрсөтүү сигналдарды көп канал аркылуу берүүдө пайдаланылат.

Р. б. линиялары чоң көлөмдүү — магистралдык, орто көлөмдүү — зоналык, т. ж. транспортунда, газ жүргүчтөрдө, нефть өткөргүчтөрдө, электр



Радиорелелик байланыш линиясынын схемасы.

берүү линияларында ж. у. с. байланыш үчүн аз каналдуу, о. эле согуш максаттарында пайдаланылуучу кыймылдуу станциялары бар аз каналдуу линияларга бөлүнөт. СССРде уз. 10 000 *км*ге чейин созулган линияда 8ге чейин, ар биринин көлөмү 1800 телефон каналдуу Р. б. үчүн унификацияланган аппараттардын комплектиси түзүлгөн.

РАДИОСПЕКТРОСКОПИЯ — радио толкундардын резонанстуу жутулушуна негизделип, заттардын түзүлүшүн, о. эле заттагы физ., хим. процесстерди изилдөөчү методдордун жыйындысы. Р. методдору, мис., *электрон парамагниттүү резонанстын* ж-а *ядро магниттүү резонанстын* негизинде заттардын түзүлүшүн изилдөө, технол. процесстерди үзгүлтүксүз текшерүү, жыштыктын, убакыттын эталондорун, жыштыктын өтө так стабилизаторун түзүү үчүн ж. б. колдонулат. Электрондук парамагниттүү резонансты ж-а ядролук магниттүү резонансты ж. б. изилдөө үчүн колдонулуучу приборлор радиоспектроскоп же радиоспектрометр деп аталат.

РАДИО СПОРТУ — тех. спорттун түрү. Ага радио кабылдагыч ж-а бергич аппаратураны колдонуп, жалпы дене тарбиялык машыгууларды аткаруу м-н өтүүчү комплекстүү мелдеш кирет. Мелдеш кыска толкун (КТ) м-н ультракыска толкунда (УКТ) радио байланыш, радиограмманы тез кабыл алуу ж-а берүү ж. б. б-ча өтөт. КТ радио байланышы б-ча мелдеш 1925-ж. Эл аралык радио ышкыбоздорунун союзу уюшулгандан кийин өткөрүлө баштаган (СССРде 1927-жылдан). СССРдө Р. с. федерациясы 1939-ж. уюшулган. 1967-жылдан СССР элдеринин спартакиадасынын программасына кирет. Кырг-ида Р. с. 1946—47-ж. түзүлүп, негиздөөчүлөрүнүн бири — В. Эскин. Респ-када спорт мастерлери Б. Мещевцев (СССРдин 2 жолку чемпиону), П. Рушаков, А. Жугарь, Б. Ормушев ж. б-лардын ысымдары белгилүү.

РАДИОСТАНЦИЯ — радио толкундар аркылуу информацияны бергич же кабылдагыч түзүлүштөрдүн комплекси. Р. арналышына жараша *радио бергич, радио кабылдагыч* ж-а кабылдагыч-бергич болуп бөлүнөт. Бергич Р-нын негизги түзүлүштөрү — радио бергич, *антенна,* аларды туташтыруучу фидер ж-а ток булагы. Кабылдагыч Р-нын негизги түзүлүштөрү: радио кабылдагыч, антенна, фидер ж-а ток булагы. Андан тышкары бергич Р-нын составына берилүүчү информация жазылган перседен (мис., магниттүү лентадан) үндү кайра уктуруучу түзүлүш, ал эми кабылдагыч Р-нын составына кабыл алынуучу сигналды жазгыч же аларды кайра үнгө же жарык сүрөттөлүшүнө айландыруучу түзүлүш кирет. Р. аткарган кызматы б-ча уктуруучу, радионавигациялык, көчмө, кыймылсыз ж. б. болуп бөлүнөт.

РАДИОТЕЛЕСКОП — Күн системасы, *Галактика* ж-а Метагалактикадагы асман объектилери чыгарган өздүк радио толкундарды кабылдагыч ж-а алардын мүнөздөмөлөрүн (асман объектилеринин координаталарын, мейкиндик структурасын, нурлануунун интенсивдүүлүгүн, спектрин, поляризациясын) изилдей турган астр-ялык прибор. Р. антенна системасынан ж-а радио кабылдагыч түзүлүштөн — *радиометрден* турат. Р-тун антенналарына *радиоастрономияда* колдонулган кеңири диапазондогу толкун (уз. 0,1 *мм*ден 1000 *м*ге чейинки) пайдаланылат. Антенналары кыймылдуу ж-а кыймылсыз орнотулат. Кыска толкундар м-н иштегенде кыймылдуу күзгүлүү параболалык антенна (рефрактор), узун толкундар м-н иштегенде көптөгөн элементардык нурланткыч торчо пайдаланылат. Саманчы жолундагы толкун уз. $\lambda = 14{,}6$ *м* космос радио нурлануунү 1931-ж. К. Янский (АКШ) алгачкылардан болуп изилдеген. Тактыгы жогору, айланын турма параболоиддер ГФРде Эффельсбергдеги, (D=100 *м*, λ=2 *смге* чейин), СССРде Пущино (Москва обл.) м-н Симеиздеги (D = 22 *м*, $\lambda = 0{,}8$ *см*); АКШда Китт-Пиктеги (D = 11 *м*, $\lambda = 0{,}3$ *см*) радиоастр-ялык обсерваторияларда орнотулган.

Ад.: Христиансен У., Хегбом И., Радиотелескопы, пер. с англ., М., 1972.

РАДИОТЕЛЕФОН БАЙЛАНЫШЫ — радио толкун аркылуу телефон кабары берилүүчү электр байланышы. Р. б-нда 2 кабарчынын ортосунда эки тараптуу кабар алмашуу же бир эле убакытта (дуплекстүү байланыш) же кезектешип (симплекстүү байланыш) берилет. Р. б-тын эң жөнөкөй системаларында ар бир кабарчынын радиостанциясы радио бергичтен, сезгич-кабылдагычтан, антеннадан, электр кубатын бергич булактан ж-а микротелефон трубкасынан турат. Мында 0,5—35 *км* аралыкка байланыш жүргүзүлөт. Р. б. диспетчердик, радиорелелик, космостук ж. б. байланышта кеңири колдонулат.

РАДИОТЕРАПИЯ — дарылоо максатында иондоштуруучу нурларды колдонуу, к. *Нур менен дарылоо.*

РАДИОТЕХНИКА — электр-магнит термелүүлөрдү, радиодиапазондогу толкундарды генерациялоо (пайда кылуу), күчөтүү, таратуу, кабыл алуу методдору ж-а аларды пайдалануу ж-догу илим; информацияны аралыкка берүү үчүн радиодиапазондогу электр-магнит термелүүлөрдү практикада колдонулушун жүзөгө ашыруучу техниканын тармагы. Информацияны берүү радио байланышында, радио уктурууда, телекөрсөтүүдө, радиолокацияда, радионавигацияда, машиналарды, механизмдерди, технол. процесстерди контролдоодо ж-а башкарууда, о. эле түрдүү ил. изилдөөдө колдонулат. Толкундардын радиодиапазону узундугу бир нече миң *км*ден *мм*дин ондук үлүшүнө чейинки электр-магнит толкундарынын (ЭМТ) спектрин өз кучагына алат.

Р-нын өнүгүшү *радиофизиканын, электрониканын, жарым өткөргүчтөр* физикасынын, *электр акустикасынын,* термелүүлөр теориясынын, *информация теориясынын, математиканын* түрдүү бөлүмдөрүнүн жетишкендиктери, о. эле техникадагы жог. жыштыкты өлчөөнүн прогресси, вакуумдук ж-а жарым өткөргүч техникасы, электр булактарынын өндүрүлүшү ж. б. м-н тыгыз байланыштуу. Р-га илимдин бир катар тармактары кирет, алардын эң башкылары — электр термелүүлөрүн генерациялоо, *электр термелүүлөрүн күчөтүү,* ал термелүүлөрдү өзгөртүү, башкаруу, антенна техникасы, мейкиндикте, түрдүү чөйрөлөрдө ж-а багыттоочу системаларда *радио толкундун таралышы,* электр-магнит термелүүлөрүн чыкалоо, демодуляциялоо, берилген сигналдарды (речти, музыканы, сүрөттү, телеграф ж. б. белгилерди) кайра калыбына келтирүү, ЭМТ ж-а термелүүлөр м-н (радиоэлектрондук системалар аркылуу) контролдоо, башкаруу ж-а жонго салуу.

Р-нын тарыхы электр ж-а магнит талаалары ж-догу окуунун негизин түзгөн (1837—46) М. *Фарадейдин* институнен башталат. Ж. К. *Максвелл* Фарадейдин идеяларын өнүктүрүп, мейкиндикте толкун түрүндө таралууга жөндөмдүү электр ж-а магнит талааларынын бар экенин матем. метод м-н айкындаган. Радиодиапазондогу ЭМТни (толкун уз. 1 *дмге* жакын) биринчи болуп Г. Герц тажрыйбада алган ж-а изилдеген (1886—89). А. С. *Попов* Герцтин тажрыйбасын өнүктүрүп, өзүнүн дүйнөдөгү биринчи *радио кабылдагычын* 1895-ж. 25-апрелде (7-майда) институтун көрсөткөн.

Р-нын өнүгүшүнүн алгачкы мезгили — жөнөкөй радио бергич ж-а радио кабылдагыч *радиостанцияларынын* түзүлүшүнө таандык. Радио түзүлүштөрдү оркүндөтүүнүн кийинки кадамы алыска тараган радио толкундарын колдонууга негизделген. Ал толкундар жаа генератору ж-а жог. жыштыктагы машина генератору м-н дүүлүктүрүлгөн. 1912—34-жж. сов. илимпоз В. П. Вологдин индуктор тибиндеги жог. жыштыктуу машинанын үлгүсүн түзгөн. 1925-ж. Вологдин машинасынын жардамы м-н Москва — Нью-Йорк радио байланышы жүргүзүлгөн.

Электрон лампасынын өнүгүшү ж-а колдонулушу Р-нын бардык тармактарына чоң өзгөрүү киргизди. 20-к-дын башынан радиотелеграф байланышы м-н катар радио уктуруу пайда болду. Азыркы радио уктуруу ультра кыска, орто ж-а узун толкундар м-н берилет. СССР кубаттуу радио уктуруу станциясын ж-а синхрондуу тизмекти түзүү б-ча дүйнөдө алдыңкы орунду ээлейт. Р-нын өзгөчө бөлүмү — *радиолокация* ж-а *радионавигация.* Байланыштын өнүгүшүнө жараша ж-а радиолокациянын талабына ылайык кристалл детекторлору алынып, алардын негизинде жарым өткөргүчтүү диоддор түзүлдү. Кийин транзисторлор, жарым өткөргүчтүү микросхемалар, жарым өткөргүчтүү параметрдик күчөткүчтөр ж-а генераторлор түзүлдү. Кыйла өркүндөтүлгөн электрон нур приборлору пайда болду. Р-нын методдору автоматтык башкаруу, жөндөө ж-а информацияны иштеп чыгуу системаларынын аракетине негизделген.

Р. онор жай м-н а. ч-да кеңири колдонулат. Ал илимдин түрдүү тармактары м-н тыгыз байланышкан. Р-нын өнүгүшүнүн негизинде электр акустикасы, үндү жазуу ж-а жазылганды кайра угузуу өркүндөтүлүп, ультраүндү техникада, медицинада ж. б. пайдаланууу ишке ашырылган. Р. радио кабылдагыч ж-а телекөрсөткүч, радио уктуруучу ж-а телекөрсөтүүчү станцияда колдонулуучу аппараттарды, ө. ж. ж-а ил. радио жабдууларды, радио тетиктерди ж. б. чыгаруучу кубаттуу радио о. ж-н пайда кылды. СССРде бүткүл союздук «Радиотехника и электроника», «Радиотехника», «Радио» журналдары чыгып турат.

Ад.: Очерки истории радиотехники, М., 1960; Очерки развития техники в СССР, кн. 3, М., 1970; Бренев И. В., Начало радиотехники в России, М., 1970; Гоноровский И. С., Радиотехнические цепи и сигналы, 2 изд., М., 1971.

РАДИО ТОЛКУНДАР — толкун уз. 500 *мкм*ден кичине (жыш. $6 \cdot 10^{12}$ *гц* тен ашык) болгон электр-магнит толкундар. Р. т. радио уктурууда, радиотелефон байланышта, телекөрсөтүүдө, радиолокацияда ж. б-да кеңири колдонулат. Түрдүү толкун узундуктагы Р. т. таралуу өзгөчөлүктөрү б-ча төмөнкүчө болүнөт:

Диапазондун аты	Толкун узундугу, *м*	Термелүү жыштыгы, *гц*
Өтө узун толкундар	10^4 жана жогору	$3 \cdot 10^4$ аз
Узун толкундар	$10^4 - 10^3$	$3 \cdot 10^4 - 3 \cdot 10^5$
Орточо толкундар	$10^3 - 10^2$	$3 \cdot 10^5 - 3 \cdot 10^6$
Кыска толкундар	$10^2 - 10$	$3 \cdot 10^6 - 3 \cdot 10^7$
Метрдик толкундар	$10 - 1$	$3 \cdot 10^7 - 3 \cdot 10^8$
Дециметрдик толкундар	$1 - 0{,}1$	$3 \cdot 10^8 - 3 \cdot 10^9$
Сантиметрдик толкундар	$0{,}1 - 0{,}01$	$3 \cdot 10^9 - 3 \cdot 10^{10}$
Миллиметрдик толкундар	$0{,}01 - 0{,}001$	$3 \cdot 10^{10} - 3 \cdot 10^{11}$
Субмиллиметрдик толкундар	$10^{-3} - 5 \cdot 10^{-5}$	$3 \cdot 10^{11} - 6 \cdot 10^{12}$

РАДИО ТОЛКУНДУН ДИФРАКЦИЯСЫ — таралуучу радио толкундун жолундагы тоскоолдукту кандайдыр даражада айланып өтүү кубулушу, к. *Жарык дифракциясы, Толкун дифракциясы.*

РАДИО ТОЛКУНДУН ЖУТУЛУШУ — топуракта, сууда, атм-рада, курулуштарда ж. б. радио толкун тараганда анын энергиясынын азаюшу; мында электр-магниттик энергиянын бөлүгү жылуулук энергиясына өтөт. Р. т. ж. толкун узундугуна ж-а чөйрөнүн касиетине көз каранды, к. *Радио толкундар.*

РАДИО ТОЛКУНДУН ИНТЕРФЕРЕНЦИЯСЫ — мейкиндиктин белгилүү чекитине бир убакта келген эки же андан көп *радио толкундар* кабатталганда алардын бирдей же бирдей эмес фазада келишине жараша өз ара күчөшү же басаңдашы, к. *Толкун интерференциясы.*

РАДИО ТОЛКУНДУН СЫНЫШЫ — чөйрөнүн электр-динамикалык касиетинин өзгөрүшүнүн натыйжасында радио толкундун таралуу багытынын өзгөрүшү. Физ. касиеттери ар түрдүү чөйрөлөр радио толкундун таралышына түрдүүчө таасир этет да, эки чөйрөнүн чегине түшкөн радио толкундар чагылат ж-а сынат. Радио толкундун түшүү, чагылуу, сынуу багыттары бир тегиздикте жатат. Түшүү чекитинде эки чөйрөнүн чегине тургузулган перпендикуляр м-н сынуу багытынын ортосундагы бурч сынуу бурчу деп аталат. Радио толкундун сынуу закону жарыктыкындай.

РАДИО ТОЛКУНДУН ТАРАЛЫШЫ — радиодиапазондогу электр-магнит толкундардын атм-рада, жер кыртышында ж-а космос мейкиндигинде таралуу процесси. Радио бергичтен чыккан радио толкундар кабылдагычка ар түрдүү жол м-н (түз сызыктуу траектория б-ча же ионосферадан чагылып, жер бетин айланып) келет. Р. т. т. анын толкун узундугуна (λ), Күндүн жер атм-расын жарыктандырышына ж. б. шарттарга байланыштуу.

Бир тектүү чөйрөдө радио толкундар жарык нуру сыяктуу түз сызык б-ча таралат. Бул учурда анын ылдамдыгы туруктуу (300 000 *км/сек*ка жакын). Ионосфера катмары кыска ж-а орто узундуктагы толкундарды жакшы таратат. Узун ж-а өтө узун толкундар ионосфера катмарынан өтпөстөн кайра чагылат. Толкун уз. 5—7 *м*ден кыска радио толкундар жер атм-расынын абалына карабастан ааламга таралат же ааламдан жер бетине келет.

Радио толкун түз таралуучу ж-а чагылуучу толкундар болуп бөлүнөт. Түз таралуучу толкундар дүүлүктүргүчтөн кабылдагычка чейин жердин тропосфера катмары м-н тарапса, чагылуучу толкундар ионосфера катмарларынан чагылгандан кийин таралып, кабылдагычка жетет. Узун радио толкундар жолундагы ар кандай тоскоолдуктарды айланып өтө ала тургандыгына карабастан 1000—2000 *км* аралыкка гана таралат. Бирок ионосфера катмарынын чагылтуу аракетине жараша бул толкундар мындан бир нече эсе көп аралыкка чейин жетет. Күндүз орточо толкундар түз траектория б-ча 1000 *км* аралыкка, түнүчүндө андан кыйла көп аралыкка таралат. Телекөрсөткүчтөрдүн дүүлүктүргүчтөрүнүн ж-а кабылдагычтардын антеннасы жерден канчалык бийик орнотулса, толкун ошончолук алыс аралыкка таралат.

Ад.: Фейнберг Е. Л., Распространение радиоволн вдоль земной поверхности, М., 1961; Альперт Я. Л., Распространение электромагнитных волн и ионосфера, М., 1972; Долуханов М. П., Распространение радиоволн, 4 изд., М., 1972.

РАДИО ТОЛКУНДУН ЧАГЫЛЫШЫ — радио толкун түрдүү эки чөйрөнү бөлүп турган бетке келип тийгенде пайда болуучу ж-а ал беттен кайра толкун түшкөн чөйрөнү көздөй таралып, багытын өзгөртүүчү кубулуш. Ал бетте радио толкун чагылат ж-а сынат.

РАДИО УКТУРУУ — калкка сүйлөгөн сөздү, музыканы ж. б. үн кабарларын радио аркылуу берүү; оперативдүү информацияны, массалык үгүттөөнүн ж-а пропагандалоонун, калкка билим берүү ишин жүргүзүүнүн негизги каражаттарынын бири.

Онуккон олколордо радио берүүлөрдү калктын 90% угат.

Р. у-нун негизги түрлөрү: коомдук-саясий информация, корком публицистика, корком ж. б. Р. у. радио борборлордон берилет да, коллективдүү же жеке пайдаланылуучу *радио кабылдагычтарда* кабыл алынат. СССРде ж-а бир катар башка олколордо Р. у-ну зым аркылуу берүү кеңири тараган.

Совет бийлигинин биринчи жылдарынан тартып радио байланыш каражаты гана эмес, информация булагы катары да пайдаланылган. 1917-ж. радиотелеграфтан Совет окмотунун декреттери, олконун турмушундагы эң маанилүү окуялар ж-а эл аралык абал ж-до кабарлар, В. И. Ленинди чыгып сүйлөгон сөздөрү берилген. 1918-ж. Эл Комиссарлар Совети радиотелеграф ишин онуктүрүү планын иштеп чыгуу үчүн комиссия түзгөн; аскер ведомствосундагы бир катар кубаттуу радиостанциялар, почта ж-а телеграф Эл Комиссариатына откөрүп берилген; Эл Комиссарлар Совети олкодо радио тех. ишти борборлоштуруу ж-до декрет кабыл алган. Биринчи Р. у. 1919-ж. Нижегород радиолабор-ясында, 1920-жылдан тажрыйба Р. у. станцияларында жүргүзүлгөн.

Коммунисттик партия м-н Совет окмоту Р. у-ну онуктүрүүнүн негизги каражаты катары радиолоштурууга өтө чоң маани берген. 1920-ж. В. И. Ленин Нижегород радиолабор-ясына жетекчилик кылган М. А. Бонч-Бруевичке мындай деп жазган: «Сиз түзүп жаткан кагазсыз жана „аралыксыз" газета улуу иш болот». 1933-ж. Эл Комиссарлар Совети «СССР ЭКСке караштуу радиолоштуруу жана радио уктуруу боюнча бүткүл союздук комитет жөнүндө жобону» бекиткен. 1945-ж. Эл Комиссарлар Совети 7-майда радио Күнүн майрамдоо ж-до токтом кабыл алган. 1962-ж. «Бүткүл союздук радио берүү жөнүндө жаңы жобо» кабыл алынып, анда пландаштырылуучу берүүлөрдүн конкреттүү ж-а так мазмуну, жанры, уктуруунун сезондук сеткалары каралган. Р. у. СССРдин бүт аймагын өз кучагына алат: СССР элдеринин 60тан ашык тилинде ж-а чет олколордун 70 тилинде жүргүзүлөт; уктуруунун орт. суткалык көлөмү 1975-ж. СССРдин калкы үчүн минден ашык саатты (Кырг-нда 22 саатты) түзгөн.

Чет олкодо биринчи Р. у. станциясы 1920-ж. 2-ноябрда АКШда (Питсбургда) ишке киргизилген. Батыш Европада биринчи радио программа 1922-ж. Лондондо ж-а Парижде уктурулган. Өнүгүп жаткан олколордо Р. у. ордошунда ЮНЕСКО ж. б. эл аралык уюмдар жардам көрсөтүшөт. Ал уюмдардын эң эскиси — Электр байланышынын эл аралык союзу (1865-ж. түзүлгөн, штаб-квартирасы Женевада), анын негизги кызматы радио жыштыктарды болуштурүү. Бул Союз дүйнөнүн бардык олколорүн бириктирет. Соц. олколор Р. у-нун ж-а телекөрсөтүүнүн Эл аралык уюмуна кирет (1946, Брюссель). Р. у. ж-а телекөрсөтүү б-ча эң ири эл аралык уюм—Уктуруучулардын Америка аралык ассоциациясы (1946), Африканын Р. у. ж-а телекөрсөтүү союзу (1960) ж-а Азиялык радио уктуруу союзу (1964).

Ад.: Ленин о радио [сост. П. С. Гуревич, Н. П. Карцов], М., 1973; Современность. Человек. Радио, в. 1—2, М., 1968—70; Гальперин Ю., Человек с микрофоном, М., 1971; Марченко Т., Радиотеатр, М., 1970.

РАДИО УКТУРУУ ЖАНА ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮНҮН ЭЛ АРАЛЫК УЮМУ (Organisation internationale de radiodiffusion et télévision; ОИРТ) — радио уктуруу ж-а телекөрсөтүү тармагындагы демокр. уюм. 1946-ж. Брюсселде түзүлүп, 1959-жылга чейин Радио уктуруунун эл аралык уюму деп аталган. Составынан *Радио уктуруунун европалык союзуна* кирген мамлекеттердин уюмдары чыгып кеткен соң (1950) уюмдун борбору Прагага көчүрүлгөн. Уюмга мүчө олколор — Албания, Алжир, БССР, Болгария, Венгрия, ГДР, ВСР, Египет, Ирак, Кытай, КЭДР, Куба, Латыш ССРи, Литва ССРи, Мали, Молд. ССРи, МЭР, Польша, Румыния, СССР, Судан (телекөрсөтүү уюму), УССР, Финляндия, Чехосл-я ж-а Эстон ССРинин радиоуктуруу ж-а телекөрсөтүү б-ча улуттук уюмдары. ОИРТ ар кайсы олколордо радио уктуруу ж-а телекөрсөтүү б-ча кызматташ кылып, аны кеңири жайылтуу максатын көздөйт, тех. маселелер б-ча маалымат алмашуу ишин тейлейт, радио уктуруу ж-а телекөрсөтүү б-ча эл аралык конвенция шарттарынын так аткарылышын көзөмөлдөйт. Жог. органы — Ген. ассамблея. Ал эки жылдык моонотко Админ. советти шайлайт. Уюм жылына 6 жолу «Радио и телевидение» деген журнал (англис, француз, орус, немец тилдеринде), ай сайын «Информация ОИРТ» деген бюллетень чыгарат.

РАДИО УКТУРУУ ЖАНА ҮН ЖАЗУУ ҮЙҮ мамлекеттик — СССРдин телекөрсөтүү ж-а радио уктуруу б-ча мамл. комитетинин корком о. ж. мекемеси. Ал граммофон табактарын (пластинкаларын) чыгарчу үн жазуу үйү катары 1938-ж. ачылган. 1959-жылдан союздук радио уктуруу ж-а үн жазып алуу борборуна айланган.

Бул мекеменин милдети: СССРге ж-а чет олколорго бардык программа б-ча радио уктуруп, бардык түр ж-а жанр б-ча үн жазып алат; заводдордун ж-а мекемелердин заказы б-ча ченегич тасма, жерг. радио уктуруу ж-а телекөрсөтүү үчүн, о. эле киностудия, театр, дагы башка уюмдардын заказы б-ча магниттик жазуу көчүрмөсүн даярдайт; сатыкка үн жазылган магниттик тасма чыгарат; тарыхый ж-а корком баасы бар эски жазууларды калыбына келтирет; стадион, концерт залдары м-н театрлардан адистешкен студиялары аркылуу алып уктуруу (трансляция), үн жазуу уюштурат. Бүткүл союздук радио уктуруунун көлөмү суткасына 350 с. Жазып алынган ата мек. ж-а чет элдик классиканын, азыркы ад-т м-н музыканын мыкты чыг-лары, сейрек учураган документтер Бүткүл союздук радионун фонотекасын түзөт. Фонотекада 100 миңден ашуун жазуу бар, ал жыл сайын көлөмү 400 стай жаңы жазуулар м-н толукталып турат.

Жазуунун көбүн Бүткүл союздук граммофондук жазуу студиясы («Мелодия» фирмасы) граммофон табактарын чыгаруу үчүн пайдаланат. Чет элдик радио уктуруу уюмдары м-н жазуу алмашып турат ж-а экспорттойт. Айрым жазуулар эл аралык конкурстардын алтын медалдарына ээ болгон (мис., М. П. Мусоргскийдин «Борис Годунов», С. С. Прокофьевдин «Согуш жана тынчтык», Д. Д. Шостаковичтин «Катерина Измайлова» операларынын жазуусу).

РАДИО УКТУРУУНУН ЕВРОПАЛЫК СОЮЗУ — эл аралык ири радио уктуруу союзу. *Радио уктуруу жана телекөрсөтүүнүн эл аралык уюмунан* бөлүнүп чыккан мамлекеттер 1950-ж. 12-февралда түзгөн. Союз мүчөлөрү (1970-жылдагы маалымат) чечүүчү добуш м-н 27 олкодон (Австрия, Бельгия, Ватикан, Дания, Греция, ГФР, Израиль, Ирландия, Исландия, Испания, Италия, Кипр, Ливан, Люксембург, Марокко, Монако, Нидерланд, Норвегия, Португалия, Тунис, Турция, Улуу Британия, Финляндия, Франция, Швейцария, Швеция, Югосл-я) 32 радиокорпорация ж-а кеңешчи добуш м-н 34 олкодон (АКШ, Япония; Азиянын бир катар, Африка м-н Латын Америкасынын айрым олколору) 54 радиокорпорация. Жог. органы — Ген. ассамблея. Аткаруу органы — Админ. совет. 1959-ж. Евровидения ишин б-ча союздун Секретариаты түзүлгөн. Союздун штаб-квартирасы Женева ш-нда.

РАДИО УЧКУЧ — атм-ранын ар түрдүү бийиктигинде шамалдын багыты м-н ылдамдыгын олчогуч курал. Радио толкундарды чагылдырган бутасы (мишени) бар шар түрүндө болот. Р. у-тун атм-радагы абалы радиолокациялык жол м-н аныкталат.

РАДИО ҮЙҮ — СССРде радио уктуруу, үн жазуу, үн жазылган магнит тасмаларын көбөйтүп чыгаруу, сейрек учураган үн жазмаларын сактоо ж-а калыбына келтирүү жумуштарын аткаруучу корком о. ж. ишканасы. Р. ү-ндө радиопрограмма түзүү, жазуу, монтаждоо, күчөтүү жумуштарын тейлөөчү ж-а аларды радиостанцияларга, зым аркылуу берүү түйүндөрүнө жеткирчү редакциялар, студиялар, фонотека ж. б. болот. СССРде 177 Р. ү. бар (1975). Бүткүл союздук радио уктуруу ж-а үн жазуу өндүрүшүнүн борбору — Москвадагы Мамл. *радио уктуруу жана үн жазуу үйү* (1938). Кыргыз респ-калык Р. ү. 1970-ж. ачылган.

РАДИОФИЗИКА — физиканын бир бөлүгү; ал радиодиапазондогу электромагнит термелүүлөр м-н толкундарга байланыштуу физ. процесстерди: радио толкундардын пайда болушун, дүүлүгүүсүн, таралуусун, жыштыктардын кабыл алынышын ж-а өзгөртүп түзүлүшүн, о. эле бул кезде пайда болгон электр ж-а магнит талааларынын вакуумдагы ж-а заттагы зарядтар м-н өз ара аракеттенишин изилдейт. Р. *радиотехника* м-н *электроника* маселелерин үйрөнүүгө байланыштуу онуккон физиканын болумдорун ичине алып, 20-к-дын 20—30-жылдарында пайда болгон. Р. м-н *астрономиянын* негизинде *радиоастрономия* пайда болду; перселердин физ. негиздерин, радиоспектроскопияны, жердин тропосфера катмарынын абалын үйрөнүүдө Р-лык методдорду пайдалануунун негизинде *радиометеорология* түзүлдү. Р-нын ийгиликтери м-н кошо физиканын башка болумдөрү, б. а. электроника, диэлектриктер физикасы, *жарым откоргучтор* физикасы ж. б. өнүгө баштады. Р-нын негизги методдору: электрдик термелүүлөрдү өзгөртүп түзүү ж-а аларды чөйрого таратууда электрдик термелүүлөрдү изилдөө, радио толкундарды кабыл алуу ж-а күчөтүп пайдалануу; радио толкундарды чөйрого таратуу ж-а кабыл алуу б-ча антенна теориясынын негизги принциптерин иштеп чыгуу ж-а аны эсептоонун негизин түзүү; радио толкундардын жер бетинде таралышын үйрөнүү. Р-нын мындай методдорунун пайда болушу *оптикада* чоң роль ойноду.

РАДИОХИМИЯ — *химиянын* радиоактивдүү заттар, элементтер, изотоптордун, ядролук өзгөрүүлөрдүн физ.-химиясын ж-а аларды алуу, тазалоо жолдорун изилдөөчү тармагы. Р. химия илиминин өзүнчө тармагы катары 19-к-дын аягында М. *Склодовская-Кюри* ж-а П. *Кюри* радий м-н полонийди ачкандан кийин (1898) пайда болду. Р-нын өсүшүн 4 мезгилге бөлүүгө болот. Анын 1-мезгили (1898—1913) табигый радиоактивдүү 5 элементтин Po, Ra, Rn, Ac, Pa ж-а алардын кээ бир изотопторунун ачылышы м-н мүнөздөлөт. 2-мезгилинде (1914—33) радиоактивдүү элементтердин касиеттери изилденген. 3-мезгил (1934—45) И. *Жолио-Кюри* ж-а Ф. *Жолио-Кюри* жасалма радиоактивдүүлүктү ачкандан кийин башталган.

Р. жалпы, ядролук өзгөрүү химиясы, радиоактивдүү элементтердин химиясы ж-а колдонмо Р. болуп бөлүнөт. Жалпы Р. радиоактивдүү элементтер м-н изотоптордун физикахим. өзгөрүү закон ченемин изилдейт. Ядролук өзгөрүү химиясы ядролук өзгөрүүлөрдөн пайда болгон атомдордун реакциясын, радиоактивдүү изотопторду алуу методдорун изилдейт. Радиоактивдүү элементтер химиясы табигый радиоактивдүү (полонийден уранга чейин) ж-а жасалма (технеций, прометий, нептуний ж-а бардык андан кийинки) элементтерди изилдейт. Колдонмо Р. тамгаланган (белгиленген) бирикмелерди алуу ж-а радиоактивдүү изотопторду хим. илимде, о. ж-да колдонуу жолдорун иштеп чыгат. Радиоактивдүү изотоптору бар заттар Р-лык изилдөөлөрдүн объекти болуп эсептелет. Р-лык изилдөө методдору геохим., космохим. проблемаларды чечүүдө, о. эле пайдалуу кендерди издөөдө кенен колдонулат.

Ад.: Несмеянов Ан. Н., Радиохимия, М., 1972.

РАДИОХИМИЯЛЫК АНАЛИЗ — радиоактивдүү изотоптордун сапаттык, сандык катнаштарын аныктоо, аларды бири биринен бөлүп алуу, кошунду изотоптордон ж-а элементтерден тазалоо, эң аз олчомдогу радиоизотопторду концентрациялоо методу. Р. а.— өзгөчө өтө аз сандагы *радиоактивдүү элементтерди* ж-а алардын бирикмелерин аныктоодо колдонулуучу жог. тактыктагы физ.-хим. метод. Анын жардамы м-н элементтердин ж-а алардын бирикмелеринин физ.-хим. касиеттерин билүүгө, радиохим. ж-а жалпы эле хим. процесстердин закон ченемин изилдөөго болот. О. ж. технологиясында, ил. из. иштерде, радиоактивдүү изотопторду эл чарбасында колдонууда Р. а-дин мааниси өтө чоң.

Ад.: Старик И. Е., Основы радиохимии, 2 изд., Л., 1969.

РАДИО ЫШКЫБОЗДУК СТАНЦИЯ — радио ышкыбоздук байланышка же ага байкоо жүргүзүүгө арналган кабылдагыч-бергич же кабылдагыч радиостанция. Кабылдагыч-бергич Р. ы. с. бергичтен, кабылдагычтан ж-а антеннадан, кабылдагыч станция — кабылдагычтан ж-а антеннадан турат. Кабылдагыч-бергич Р. ы. с. жекече ж-а коллективдүү пайдаланылма, кыска толкундуу ж-а ультракыска толкундуу болуп болүнөт. СССРде Р. ы. с-ны орнотууга ж-а пайдаланууга уруксатты СССР ДОСААФынын обл., крайлык же респ-калык комитеттеринин өтүнүчү м-н союздаш респ-калардын байланыш мин-волорунун электр байланыш мамл. инспекциялары берет. Радио ышкыбоздордун коомдук сыйлабоо, коомдук тартипти өдөнө бузуу же радио уктуруунун кедерги түзүүчү атайын радио берүүлөрү сов. закон б-ча хулигандык катары бааланат.

РАДИУС айлананын, сферанын (лат. radius — доңголоктун чабагы, шоола) — айлананын же сферанын кандайдыр бир чекитин борбору м-н туташтырган кесинди түз сызык ж-а ошол кесиндинин узундугу.

РАДИЩЕВ Александр Николаевич [20(31). 8. 1749, Москва — 12(24). 9. 1802, Петербург] — орус жазуучусу, философ, революционер. Помещик үй-бүлөсүнөн. Паж корпусунан окуп (1762—66), кийин Лейпциг ун-тинен (1766—71) укук, табият илимдери б-ча билим алган. Россияга келип, Сенат токтомчусу, 1773-жылдан Петербургда Финляндия дивизиясына кеңешчи юрист болгон. Адабий чыг-лыгы да ушул жылдары башталган. Философиянын негизги маселесин материалисттик чечип, дүйнөнү чексиз таанып-билүү мүмкүндүгүн жактаган. Материянын негизги касиети болмуш, ыймыл, мейкиндик ж-а убакыт экенин белгилеген. Р-дин ою б-ча ойлоонун материалдык органы — мээ; адамдын өзгөчө белгиси — тил; тынымсыз эволюция — карама-каршылыктардын күрөшүнүн натыйжасы. Тарыхый процесс спираль сыңары өнүгүп, *регресс* (адашуу, кулчулук) *прогресс* (чыңдык, эркиндик) м-н алмашат, ошонун негизинде рев-я болот деген.



А. Н. Радищев.

Р. тарбия маселесине көп көңүл бурып, орус рев-ячыл педагогикасына, этикасына ж-а эстетикасына негиз салган. Р. ад-тка, чечендик өнөргө да кыйла салым кошуп, «Дүйнөнүн жаралышы» (болжол м-н 1779—82), «Ломоносов жөнүндө соз» (1780), «Тобольскидеги досума кат» (1782), «Эркиндик» одасы (1783-ж. ченде) сыяктуу чыг-ларды жаратkан. Эң таанымал чыгармасы — «Петербургдан Москвага саякат». Бул чыгармасында орус турмушунун саясий-социалдык, филос.-этикалык, тарыхый ж-а экон. маселелерин реалисттик ыкма м-н эркин баяндаган. Коом өнүгүшүнүн закондорун рев-ялык жактан ачкан, феод. орус коомунун саясий-социалдык мамилелери толук кыйраганда гана эркиндик болот деген ойду айткан. 1790-ж. бул чыгармасы үчүн Р-ди Екатерина II олүм жазасына өкүм кылып, аны кайра Сибирге 10 жылдык сүргүн м-н алмаштырган. Сүргүндө жүргөндө «Адам, анын олүмү жана өлбестүгү жөнүндө» (1792—95) деген филос. трактат жаратkан. Анын идеялары А. С. Пушкинге, декабристтерге, А. И. Герценге, орус рев-ячыларына, орус реализмине чоң таасир тийгизген. Р-дин Саратовдо, Радищев кыш-ында музей үйү бар.

Чыг.: Полн. собр. соч., т. 1—3, М.—Л., 1938—52; Петербургдан Москвага саякат, Фр., 1955.

Ад.: Ленин В. И., Великорусстордун улуттук сыймыгы жөнүндө, Чыг., кырг. 1-бас., 21-т.; Орлов В. Н., Радищев и русская литература, 2 изд., Л., 1952; Шторм Г., Потаенный Радищев, М., 1974.

РАДЛОВ Василий Васильевич (Фридрих Вильгельм; 5. 1. 1837, Берлин — 12. 5. 1918, Петроград) — орустун Чы-



В. В. Радлов.

гышты изилдоочу илимпозу ж-а тюрколог, этнограф, археолог; Петербург ИАнын акад. (1884). Берлин ун-тин бүткөн (1958). ИАнын Азия музейинде (1885—90), ИАнын Антроп-я ж-а этногр. музейинде (1891—1918) директор болгон. Орто ж-а Чыгыш Азиялы изилдоочу орус комитетин түзүү демилгесин көтөрүп, аны башкаргандардын бири. 1860—70-ж. Алтайга, Сибирге, Каз-нга, О. Азияга бир нече ирет экспедиция жасап, түрк элдеринин тили, фольклору, этнографиясы ж-а арх-ясы б-ча материал жыйнаган. 1891-ж. ИАнын Орхон экспедициясын (Монголия) башкарган, 1898-ж. башында Д. А. Клеменц турган Турпан экспедициясын уюштурган (Борб. Азия). Биринчилерден болуп *Орхон-Енисей жазуусун* окуган, Клеменц таап келген байыркы уйгур даректерин изилдеп, жарыялоону баштаган.

Р. түрк тилдерин салыштырма-тарыхый метод м-н изилдөөго негиз салгандардан («Түндүк түрк тилдеринин салыштырма грамматикасы», 1-т., 1882; «Монголиядагы байыркы түрк жазмалары», 1894—95; «Түрк тилдеринин морфологиясын сыпаттап жазууга киришме», 1911). Түрк элдеринин оозеки чыг-лары б-ча көп материал жыйнаган («Түрк уруулары-нын элдик оозеки чыгармаларынын үлгүлөрү», 1—10-бол., 1866—1907); «Түрк наречиелер создугунун тажрыйбасы» (1—4-т., 1882—1909) ж. б. эмгектерди жарыялаган. О. Азияга жасаган экспедициясында кыргыздар арасында эки мертебе (1861-ж. Текесте, 1869-ж. Чүйдө) болуп, кыргыз тили, фольклору б-ча да материал жыйнаган; анда асыресе «Манастын» сюжеттеринен жазып, 1885-ж. кыргыз, немец тилдеринде жарыялаган; манасчылардын, кыргыз ырчыларынын төкмөлүк (импровизатордук) өнөрүнө тең келип, бул өнөрдүн башка түрк элдерине караганда кыргызда өзгөчө өөрчүгөнүн атайы баса белгилеген.

Р-дун түрк тилдеринин, дагы башка көп бир тилдердин классификациясын, тарыхый диалектологиясын ж-а түрк элдеринин этногенезин изилдеген эмгектери да бар.

Эмг.: О языке куманов, СПБ, 1884; К вопросу об уйгурах, СПБ, 1893; Опыт словаря тюркских наречий, т. 1—4, М., 1963.

Ад.: Кондучалова С., В. В. Радловдун жыйнаган материалындагы кыргыз тилинин фонетикалык өзгөчөлүктөрү, Фр., 1961; Тюркологический сб., 1971, М., 1972 (посв. В. В. Радлову, список трудов и лит. о нём); Биобиблиографический словарь отечественных тюркологов, М., 1974.

РАДОН (лат. Radonum), Rn — Менделеевдин мезгилдик системасынын VIII тобундагы радиоактивдүү хим. элемент, ат. н. 86, *инерттүү газдарга* кирет. Р-дун табигый 3 изотобу (^{219}Rn, ^{220}Rn, ^{222}Rn) бар. Жасалма жол м-н алынган 20 изотобу (массалык саны 201—222) алынган. Р.— эң сейрек учуроочу элемент. Кадимки шартта Р.— түссүз, жытсыз, даамсыз газ; эрүү t —61,8°С, кайноо t —71°С, тыгыз. 9,9 *г/л* (0°С), 0°Сде 1 колом сууда 0,5 коломчо Р. эрийт (орг. эриткичтерде көбүрөөк). Р. атомунун сырткы электрондук катмарында 8 электрону бар, ошондуктан хим. жактан инерттүү. *Ксенон* сыяктуу эле Р. да фторидди берет, о. эле суу, фенол, толуол ж. б. м-н клатраттарды пайда кылат. Р. радий туздарынан алынат. Ал пл. из. иштеринде, өзгөчө медицинада кеңири пайдаланылат.

РАДХАКРИШНАН Сарвепалли (5. 9. 1888, Андхра-Прадеш штаты, Тируттани — 17. 4. 1975, Мадрас) — Индиянын мамл. ж-а саясий иштери, окумуштуу-философ. Мадрас ун-тин бүткөн. 1918—21-ж. Майсур ун-тинде философия проф. 1921—31-ж. Калькутта ун-тинде филос. кафедрасынын башчысы. 1931—36-ж. Андхра, 1939—48-ж. Бенарес ун-ттеринин канцлерине оруп басар. 1953—62-ж. Дели ун-тинин канцлери. Р. Индиянын улуттук-боштук көйүмылына катышып, коомдук турмушта көрүнүктүү роль ойногон. 1949—52-ж. Индиянын СССРдеги элчиси. 1952—62-ж. Индия Респ-касынын президентинин орун басары, 1962—67-ж. президенти. Р. ар түрдүү социалдык түзүлүштогу мамлекеттердин тынчтыкта жанаша жашоосун жактап, колониализмге, согушка каршы турган. МГУнун ардактуу профессору (1956). Филос. көз карашы веда объективдүү идеализмине жакын. Ал байыркы инди диний филос. традицияларынын негизинде бардык «догматикалык» диний алмаштыра турган бирдиктүү универсалдуу «түбөлүк дин» системасын иштеп чыккан. Р. социологиялык көз карашы б-ча М. К. *Гандиге* жакын.

Чыг.: Индийская философия, т. 1—2, М., 1956—57.

РАДЧЕНКО Иван Иванович [10(22). 10. 1874, Конотоп — 1. 5. 1942] — Россиядагы с.-д. көймылдын катышуучусу, сов. мамлекеттик иштмер. 1898-жылдан Компартия мүчөсү. Токой чарбакердин үй-бүлөсүнөн. 1901—02-ж. *«Искраны»* агенти, Кишинёвдо газетанын жашырын басмаканасын уюштурган. 1902-ж. РСДРПнин Петербург комитетинин мүчөсү. РСДРПнин 2-съездин чакыруу б-ча Уюштуруу комитетинде «Искранын» өкүлү. 1902-ж. ноябрда камалып, Сибирге сүргүнгө айдалган, андан качып, 1905-ж. Москва, Петербург, Баку, Харьков, Одессада парт. иш жүргүзгөн. Февр. рев-ясынан кийин Богородский советинин пред-ли, Совет респ-касынын чым көч о. ж-н уюштуруучу ж-а жетекчиси. 1918—31-ж. РСФСР эл чарба жог. советине каратуу Чым көч башкы башкармасынын пред-ли. 1921—22-ж. РСФСР тышкы соода эл комиссарынын орун басары, Канттресттин пред-ли. 1923—31-ж. РСФСР эл чарба жог. советинин пред-линин орун басары ж-а Президиумунун, СССР эл чарба жог. советинин мүчөсү. 1927-жылдан админ.-чарб. иште. ВКП(б)нин 16-съездинин делегаты.

Ад.: Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 6-т.; У истоков партии, М., 1969.

«РАДЯНСЬКА УКРАЇНА» («Советтик Украина») — газета, Украина КП БКнын, Украина ССР Жог. Советинин ж-а Мин. Советинин органы, Киевде украин тилинде күн сайын чыгат. 1918-ж. уюштурулган. 1926—43-ж. «Коммунист» деген ат м-н чыккан. Ленин ордени (1968), Кызыл Туу ордени (1945) м-н сыйланган. Тиражы 550 миң (1978).

РАЖА — Индияда княздык титул. Веда ад-ттарындагы жол башчыларды, байыркы эстелик — дхармашастралар м-н «Артхашастрада» көсөм падышанын кеңири тараган аты. О. кылымдарда Р.— индус дининдеги менчиктүү феодал. Колон. Индияда айрым ири жер ээлеринин ардактуу титулу.

РАЖАБОВ Сали Аширхожаевич (10. 9. 1912-ж. т., Кожент, азыркы Ленинабад) — сов. тажик илимпозу, укук илимдеринин доктору (1940), проф. (1950), Тажик ССР ИАнын акад. (1957), Тажик ССРинин эмг. сиң. ил. ишмери (1961). 1939-жылдан КПСС мүчөсү. Ташкен совет курулушу ж-а укук ин-тун бүтүргөн (1933). Ташкен укук ин-тунда окутуучу, директордун орун басары (1936—40). 1940—43-ж. Сов. Армиянын катарында. Ташкен укук ин-тунда директор (1943—45, 1949—54), СССР ИАнын мамлекет ж-а укук ин-тунда докторант (1946—49), САГУнун укук ф-тетинде кафедра башчысы (1955—56), Тажик мамл. ун-тинде ректор (1956—71). 1971—75-ж. Тажик ССР ИАнын Президиумуна мүчө, Тажик совет энциклопедиясынын башкы редакторуна биринчи орун басар. 1975-жылдан Тажик ССР ИАда коомдук илимдер б-ча акад.-секретарь. Р-дун ил. эмгектери Совет мамлекети м-н укук теориясы ж-а тарыхы, О. Азияда мамлекет-укук түзүлүшүнө тийиштүү маселелер ж-до. Тажик ССР Жог. Советине (5—6-шайл.) депутат. Тажик ССРинин Абу Али-ибн Сина атн. мамл. сыйл. лауреаты (1970). Беш «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

РАЖАСТХАН — Индиянын түн.-батышындагы штат. Аянты 342 миң *км*². Калкы 25,7 млн (1971). Админ. борбору — Жайпур ш. Экономикасында а. ч. маанилүү орунда, негизги тармагы — мал чарба (эчки, кой, үй, төө). Р.— Индиядагы жүн даярдоочу маанилүү штат. Дан эгин (бажра, жовар, буудай, жүгөрү), пахта, май өсүмдүгү эгилет. Сов. ж-а румын адистеринин жардамы м-н нефть табылган. Кол онөрчүлүк (кездеме, килем токуу, пил соогу м-н колодон буюм жасоо ж. б.) өнүккөн. СССРдин жардамы м-н мед. жабдык чыгаруучу завод курулган. Кота ш-на жакын АЭС (кубаттуулугу 400 *Мвт*) бар.

РАЗДАН, Занга — Армян ССРиндеги дарыя, Аракс д-нын сол куймасы. Уз. 141 *км*, алабынын аянты 2560 *км*² (Севандын алабы м-н 7310 *км*²). Севан көлүнөн башталып, төмөнкү болгүндө Арарат түздүгү м-н агат. Жылдык орт. чыгымы чатына жакын 17,9 *м*³/*сек*. Р-да ГЭСтердин каскады бар. Сугатка пайдаланылат. Жээгинде Севан, Раздан, Чаренцаван, Арзни, Ереван ш-лары жайгашкан.

РАЗДОЛЬНЫЙ — Сокулук р-нундагы Ат-Башы айыл советине караштуу кыштак. Фрунзе атн. с-здун аймагында. Васильевский автомобиль жолунун боюнда. Райондун борбору Сокулуктан 26 *км* түн.-чыгыш тарапта. Пишпек т. ж. станциясынан 15 *км*. Калкы 1060 (1977). Орто мектеп, китепкана, медпункт бар. 1948-ж. орношкон.

РАЗДОЛЬНЫЙ — Ысык-Көл обл-ныи Ак-Суу р-нундагы Соколовка айыл советине караштуу кыштак. Дзержинский атн. с-здун аймагында. Райондун борбору Теплоключенкадан (Ак-Суу) 27 *км* чыгыш тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 260 *км*. Калкы 819 (1977). Сегиз жылдык мектеп, китепкана, медпункт бар.

РАЗЗАКОВ Исхак Раззакович (25. 10. 1910, азыркы Ош обл., Лейлек р-ну, Коросон кыш.— 18. 3. 1979, Москва) — советтик мамл. ж-а парт. иштмер. 1940-жылдан КПСС мүчөсү. Шахтёрдун үй-бүлөсүнөн. 1918-жылдан Ленинабаддагы балдар үйүндө тарбияланган. Ташкендеги педтехникумду (1931), Москва пландоо ин-тун (1936) бүтүрүп, 1936—38-ж. Өзбек ССР мамл. пландоо комитетинде экономист, 1939—41-ж. Өзбек ССР мамл. пландоо комитетинин пред-лине орун басар, пред-ли. 1941—44-ж. Өзбек ССР эл агартуу комиссары. 1940—44-ж. Өзбек ССР ЭКСтин пред-линин орун басары. 1944—45-ж. Өзб-н КП БКнын пропаганда ж-а агитация б-ча секретары, Өзб-н КП БКнын бюро мүчөлүгүнө кандидат. 1945—50-ж. Кыргыз ССР Мин. Советинин пред-ли. 1945-жылдан Кырг-н КП БКнын мүчөсү, кийин бюро мүчөсү. 1950—61-ж. Кырг-н КП БКнын биринчи секретары. 1961-ж. августтан СССР мамл. экон. советтин мүчөсү, тамак о. ж. болүмүнүн начальниги. 1965-жылдан СССР мамл. пландоо комитетинин аппаратында. 1967-ж. марттан союздук маанидеги персоналдык пенсияда. КПССтин 19—21-съезддеринин делегаты, КПСС БКнын мүчөсү (1952—61). СССР Жог. Советине (2—6-шайл.) депутат. Эки Ленин ордени, 1-дараж. Ата Мекендик Согуш ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

РАЗИН Степан Тимофеевич [1630-ж. чен, Зимовейская-на-Дону станицасы — 6(16). 6. 1671, Москва] — 1670—71-ж. Россиядагы антифеод. дыйкандар согушунун жетекчиси. Ооматтуу казак орус үй-бүлөсүнөн. 1658-ж. Дон аскерлеринин элчилери м-н Москвага барган. 1661-ж. татарларга каршы биргиин күрөшүү үчүн калмактар м-н болгон сүйлөшүүлөргө катышкан. 1662—63-ж. Крым татарлары м-н түрктөргө казатка чыккан орус казак отрядын баштаган. 1667-ж. Волгага ж-а Янкке (Урал), 1668—69-ж. Каспий боюна ж-а Иранга казак кедейлеринин казатын уюштурган. 1670-ж. жазында Р-дин Волгага жасаган жаңы казаты дыйкандар согушуна айланган [к. *Разин Степан башында турган дыйкандар согушу (1670—71)*]. Р. «карапайым адамдарга эркиндик берүүгө» умтулган ж-а казак орус тибиндеги бийлик орноткон. Симбирскинин жанында талкаланган Р. жаңы казатка күч топтоо үчүн Донго (Кагальникке) кеткен. 1671-ж. апрелде казак тоболдөрү Кагальникти басып алган. Р. иниси Фрол м-н туткундалып, Москвада өлүм жазасына тартылган.



И. Р. Раззаков.



С. Т. Разин.

РАЗИН СТЕПАН БАШЫНДА ТУРГАН ДЫЙКАНДАР СОГУШУ (1670—71) — Россиядагы феод. эзүүгө каршы чыккан ири антифеод. согуштардын бири. Анын чыгышына салыктын көбөйүшү, калк абалынын начарлашы түрткү болгон. Көтөрүлүш 1667—69-ж. *Разин* жетектеген дон казактарынын Волга м-н Каспийге жасаган казаттарынан башталып, падыша бийлигине каршы дыйкандар согушуна айланган. Көтөрүлүштүн негизги күймылдаткыч күчү — дыйкандар, шаар кедейлери ж. б. Көтөрүлүш Волга боюн ж-а Россиянын бир катар райондорун кучагына алган. Шаар кедейлеринин жардамы м-н көтөрүлүшчүлөр Саратов, Самара, Пенза ж. б. шаарларды согушсуз алган. Көтөрүлүштү басуу үчүн падыша окмоту тез арада аскер куран, 1670-ж. октябрдын башында Симбирскинин жанында көтөрүлүшчүлөрдү талкалаган. 1671-ж. жазында гана окмот Волга боюндагы көтөрүлүштүн негизги очогун (акыркы тиреги Астрахань 1671-ж. 21-ноябрда алынган) аракет баскан. 1671-ж. 14-апрелде оокаттуу казактар Разинди падыша окмотуно карман беришкен; 6-июнда Разин Москвада өлүм жазасына тартылган. Дыйкандар согушунун жеңилишинин себеби: чар жайыттуулук, уюшпагандык, саясий программасынын жоктугу ж. б. Бул согуш дыйкандардын крепостной эзүүдөн бошонуу күрөшүндөгү маанилүү этаптардын бири болгон.

Ад.: Крестьянские войны в России в XVII—XVIII вв., М.—Л., 1966.

РАЗЛИВ — кыштак, Ленинграддан 32 *км* түш.-батыш тарапта, Сёстры д-нын жээгинде. 1917-жылдагы Июль күндөрүнөн кийин РСДРП(б) БК Р-де В. И. Ленинди бурж. убактылуу окмоттун куугунтугунан жашырган.


РАЙГРАС (англ. rye grass) — дан өсүмдүктөр тукумундагы уруу. Бийик Р. ж-а жайыт Р. м-н көп түлдүү Р. кирет. Бир, эки ж-а көп жылдык тоют өсүмдүгү. Бийикт. 50—160 *см*, чачык түлдүү. Тамыры жерге терең кирип, кургакчылыктан сактайт. Суукка анча чыдамдуу эмес. Европа, Түн. Африка, Азия, Түн. Америкада; СССРдин европ. бөлүгүндө, О. Азиянын токойлуу, тоолуу шалбааларында ж. б. аймактарда өсөт. Тез өсүп, эрте жазда жетилет. Мал үчүн баалуу тоют. Гектарынан 40—70 *ц* чөп алынат. Күрдүү, нымдуу топуракта жакшы чыгат, бат алысындайт. Көп



Ю. Я. Райзман.



А. И. Райкин.



Ян Райнис.

бүнчо чанактуу ж-а дан осумдүктөрүнө аралаш эгилет.

Ад.: Кормовые растения сенокосов и пастбищ СССР, под ред. И. В. Ларина, т. 1, М.—Л., 1950.

РАЙЗМАН Юлий Яковлевич [2(15). 12. 1903-ж. т., Москва] — сов. кинорежиссёр, СССР (1964) ж-а Латыш ССР (1949) эл арт., Соц. Эмг. Баатыры (1973). Проф. (1960). Москва университи адабий-көркөм ф-тетинде окуган. Я. А. Протазановдун ассистенти болгон. Алгач «Айлана» (1927), «Сургун» (1928), кийин «Жер эцсейт» (1930), «Учкучтар» (1935), «Акыркы түн» (1937), «Машенька» (1942) ж. б. фильмдерди койгон. Р. 1945-ж. «Берлин» документ фильмин, 1949-ж. «Райнис» таржымал картинасын түзгөн. Р-дын «Коммунист» (1958) аттуу тарыхый-рев-ялык фильминдеги каарман Василий Губанов (актёр Е. Я. Урбанский) сов. кинематографиядагы легенадалуу образдардын катарына кирди. Р. «Сенин замандашың» (1968), «Адептүүлүк визити» (1973) ж. б. фильминде азыркы турмушту чагылдырган. Ал — кейипкерлер мүнөзүн, каармандардын жан дүйнөсүн терең көрсөткөн психолог режиссёр. СССР мамл. сыйл. лауреаты (1941, 1943, 1946 — эки жолу, 1950, 1952). Ленин ордени, башка 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Зак М., Юлий Райзман, М., 1962.

РАЙКАН, к. *Базилик.*

РАЙКИН Аркадий Исаакович [11(24). 10. 1911-ж. т., Рига] — сов. эстрада артисти, СССР эл арт. (1968). Ленинград театр техникумун бүткөн (1935). 1938-жылдан эстрадада иштеген. Москвада өткөн (1939) биринчи Бүткүл союздук эстрада артисттеринин конкурсунун лауреаты. 1939-жылдан Ленинград эстрада ж-а миниатюра театрынын артисти ж-а көркөм жетекчиси. Р. жаңы турмушка тоскоол болгон айрым кемчиликтердин бетин курч сатира м-н ачат. Ал бир эле спектаклде же сахна миниатюрасында бир нече роль аткара алат. Р.— конферансье, пантомима, лирикалуу монологдорду мыкты оздоштургөн артист. Ал жетектеген спектаклдер: «Сүйүү жана үч апельсин» (1959), «Экиден элүүгө чейин» (1961), «Светофор» (1969), «Тандамалар 73» (1973) ж. б. Үч орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Бейлин А. М., Аркадий Райкин, Л., 1969.

РАЙНИС Ян (чын аты-жөнү — Янис Плиекшанс) [30. 8(11. 9). 1865, Екабпилс р-ну, Варславаны кыш. —12. 9. 1929, Рига] — латыш акыны, драматург, коомдук ишмер, Латыш ССР эл акыны (1940). Арендатордун үй-бүлөсүнөн. Петербург ун-тинин укук ф-тетинде окуган (1884—88). Чыг-ларын 1887-жылдан жарыялай баштаган. 1891—95-ж. «Диенас лапа» газетасынын редактору. Марксизмди пропагандалаганы үчүн 1897-ж. сүргүнгө айдалган. Кайра келгенден кийин латыш социал-демократы катары рев-ялык күрөштү уланткан. 1905-ж. Швейцарияга кетип, анда 1920-жылга чейин жашаган. Мекенине кайтып келген соц сеймдин депутаты ж-а рев-ячыл акын катары латыш буржуазиясынын реакциячыл саясатын айыптаган. Анын «От жана түн» (1905), «Алтын тулпар» (1910), «Сок, шамалым!» (1913), «Иосиф жана бир туугандары» (1919) пьесалары, «Когултур кечтин алыскы жаңырыгы» (1903), «Бурганактын күчөшү» (1905), «Жаңы күч» (1907) ж. б. ыр жыйнактары латыш ад-тынын алтын казынасынан орун алды. Юрмала ш-нда Р-тин музей үйү бар.

Чыг.: в рус. пер. — Собр. соч., т. 1—3, Рига, 1954; Соч., т. 1—2, М., 1955; Тандалган чыгармалар, Фр., 1959; Күрөш күүлөрү, Фр., 1965.

Ад.: Краулиньш К., Ян Райнис, М., 1957; Сокол Э., Жизнь и творчество Яна Райниса, Рига, 1957.

РАЙОН (фр. rayon — нур, радиус) — 1) кандайдыр белгиси, өзгөчөлүгү б-ча айырмаланган аймак, кээде таксономиялык бирдик (мис., физ.-геогр. Р.). Региондун синоними катары да колдонулат. 2) СССРде союздан (автономия) респ-канын, крайдын, областтын, автономия округдун составындагы элет жердин негизги админ.-аймактык бирдиги. Р-ду болүштүрүү союздан респ-калардын жог. бийлик органында каралып, тизмеси алардын конституциясында берилет. Элет Р-дорунда айыл советинин, жумушчу, курорт, дача посёлкаларынын ж-а Р-го түз баш ийген шаарлардын аймактары кошулат. СССРде 1977-ж. 3117 админ. Р. болгон, анын 38и Кыргызда. 3) СССРде калкы 100 миңден ашкан шаарлардагы админ. аймактык бирдик. Р-догу мамл. бийликтин жог. органы — Эл депутаттарынын райондук совети. 4) Кээ бир чет мамлекетте түрдүү тартиптеги админ.-аймактык бирдик (мис., Париж Р-у).

«РАЙОН АРАЛЫКЧЫЛАР» — 1913-ж. ноябрда Петербургда түзүлгөн «Биринкен социал-демократтардын район аралык уюмдарынын» мүчөлөрү. Ага троцкийчилер, меньшевик-партиячылардын бир болүгү, антипарт. «Вперёд» тобунун окулдору ж-а большевик-келишкичтер кирген. «Р. а.» центристтик багытта турушкан. 1917-жылдагы Февр. рев-ясынан кийин коргонуучулардан кол үзүп, большевиктерди колдоп, большевиктик уюмдарга бириүүнү сунуш кылышкан. РСДРП(б)нин 6-съездинде «Р. а-дын» 4 мүчөсүн большевиктер партиясына кабыл алынып, алардын көбү чыныгы большевиктер болуп кеткен. Троцкий ж-а аны жактаган бир аз топ большевиктерге каршы күрөштү формалдуу токтотсо да, антилениндик көз караштарынан баш тартпай, ВКП(б)нин ж-а Совет өкмөтүнүн душмандары бойдон кала беришкен.

РАЙОН АРАЛЫК ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШ — эмгектин аймактата коомдук болүштүрүлүшүнүн негизинде өлкөнүн райондорунун ортосунда продукция ж-а кызмат өткөрүүнү алмашуу. Өндүрүш ишин оз ара алмашып туруу коомдук кайталанма өндүрүштүн объективдүү зарыл фазасы катары туюнтулат да, өндүрүш м-н болүштүрүүнү ж-а керектоону байланыштырып турат. Бул катнаштын негизин эмгекти аймакка карата болүштүрүү түзөт. Р. а. э. б. деңгээлине табигый, тарыхый, социалдык-экон. ж-а саясий себеп таасир тийгизип, ар бир райондо түрдүү роль ойнойт. Бүт эл чарбасы б-ча алганда ар район белгилүү продуктуну тапшыруучу да, керектоочу да болот. Эң ыңгайлуу табигый ж-а экон. шартты натыйжалуу пайдаланууну көздөп, тигил же бул районду бир кыл продукт өндүрүүгө адистештирүү максатка ылайык келет. Ар райондун өндүрүшкө катышуу көрсөткүчү ж-а ролу башка райондор үчүн продукция өндүрүү чени аркылуу баамдалат (к. *Экономикалык райондоштуруу).*

Адистештирилген райондо башка районго караганда аз чыгым жумшалып, көп ж-а арзан продукция алынат. Мына ушул Р. а. э. б-ты өнүктүрүүгө ж-а жайылтууга башкы себеп болуп олтурат. Райондорду продукциянын белгилүү түрлөрүн чыгарууга билгичтик м-н адистештирүү коомдук өндүрүш саршы азайтууга жардам берет. Райондордун карымкатнашын чыңдоонун зарыл шарты— транспорт ж-а байланыш тармагы, буларсыз продукция алмашуу, бул ишке оперативдүү жетекчилик кылуу мүмкүн эмес.

Райондор б-ча адистештирилген өндүрүштүн көлөмүн пландоодо баланс методу негизги ыкма претинде колдонулат. Продукциянын ар кыл түрүн өндүрүү м-н керектөөнүн материалдык баланстары б-ча коомдун кереги аныкталат, бир райондо продукциянын ашыгы, бироонду кемчилдиги такталат. Коомдун муктаждыгын ушундай эсептоо өндүрүштүн эң натыйжалуу жолун ж-а керектоо зонасын туура тандап алууга мүмкүндүк берет. Соц. коомдо Р. а. э. б. пландуу жүргүзүлөт. Бул байланышты күчөтүү ж-а жайылтуу коомдук өндүрүмдүү эмгектин өсүшү м-н өндүрүштүн натыйжалуулугунун жогорулашына өбөлгө түзөт.

Кырг-н бардык союздаш респ-калар ж-а экон. райондор, айрыкча О. Азия респ-калары, Каз-н, РСФСР м-н кеңири байланышын турат. Буларга респ-каның бардык экон. байланышынын 96% туура келип, алардан келүүчү продукциянын 34,1%ин Каз-н, 34,5%ин РСФСР берет.

Ад.: Колдомасов Ю. И., Экономические связи в народном хозяйстве СССР, М., 1963.

РАЙОНДУК ПЛАНДАШТЫРУУ — өлкөнүн экон. жө админ. райондорунун аймагын пландаштырууну уюштуруу б-ча долбоор түзүү. Р. п. социалдык, экон., санитария-гигиеналык ж-а шаар куруу б-ча иштерге негизделип, табигый шарттарды эске алуу м-н жүргүзүлөт. Р. п-нун негизги милдети долбоорлонуучу райондун аймактык-чарб. комплексин түзүү ж-а анын өндүргүч күчтөрүн рационалдуу жайгаштыруу, о. эле калктын эмгектенүүсү, тиричилиги, эс алуусу үчүн ыңгайлуу шарт түзүүчү пландаштыруу структурасын иштеп чыгуу.

СССРде Р. п. 1930-жылдардан жүргүзүлө баштаган. Алгачкы Р. п-нун долбоорлору негизинен ири о. ж. объектилерин жайгаштыруу ж-а жаңы шаарларды куруу (Орск-Халилов ж-а Уфа-Черников о. ж. райондорунун Р. п-су), кийин эң ири о. ж. (Донбасстын, Ашперон ж. а-нын) ж-а курорт (Кавказдын Түш. жээги ж. б.) райондору үчүн иштелип чыккан.

Р. п-да райондун аймактык-чарб. түзүлүшү мамл. узак мөөнөткө белгиленген эл чарбасын өнүктүрүүнүн перспективалуу, жылдык пландарынын негизинде иштелип чыгат. Р. п. айрым экон. райондун эл чарба планын тактоого ж-а өнүктүрүүгө, о. эле калктуу пункт, шаар куруу үчүн туруктуу база түзүүгө мүмкүндүк берет.

Р. п. б-ча долбоорлоо документтери Р. п-нун схемасынан ж-а долбоорунан турат. Р. п. **схемасы** областтын, крайдын, автономия респ-каның, областка болүнбөгөн союздаш респ-каның аймагы үчүн 1:100 000— 1:300 000 масштабында түзүлөт. Р. п. **долбоору** Р. п. схемасынын негизинде пландаштыруунун уюштуруу проблемалары бирдей ж-а жалпы байланышы бар, же өзү өндүрүштүк-аймактык комплексти түзгөн областтын, крайдын, автономия респ-каның, областка болүнбөгөн союздаш респ-каның аймагынын бир болүгү, о. эле область ичиндеги бир же бир нече район үчүн 1:25 000—50 000 масштабында түзүлөт.

Капит. өлкөлөрдө жер жеке менчикте болгондуктан Р. п-ну ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү жокко эсе.

Ад.: Основы советского градостроительства, т. 1, М., 1966; Перцик Е. Н., Районная планировка (Географические аспекты), М., 1973.

РАЙТ, бир туугандар: Уилбер (16. 4. 1867, Индиана штаты, Милвилл — 30. 5. 1912, Огайо штаты, Дейтон) ж-а Орвилл (19. 8. 1871, Огайо штаты, Дейтон — 30. 1. 1948, ошол эле жер) — амер. ойлон ташкычтар, авиаконструкторлор ж-а учкучтар. Р-тар түрдүү конструкциядагы планёрлор жасап, алар м-н миң жолу учушкан. Оздору жасаган 8,85 *кат* кубаттуулуктагы ичинен күймө кыймылдаткычты планёрго орнотуп, 1903-ж. 17-декабрда дүйнөдө биринчи жолу абада 59 *сек* болгон. 1904— 08-ж. Р-тар биринчи жолу 38 *мин* убакыт айлампа (айлана) б-ча учуп өткөн, андан кийин биринчи жолу самолётко жүргүнчүлөр отургузуп учушкан. Түрдүү өлкөлөрдүн аскер ведомстволоруна сатуу максатында Уилбер Р. Европада өзүнүн самолётун 1908—09-ж. учун көрсөткөн. Р-тардын самолёту 1913-жылга чейин Германияда ж-а Россияда курулуп, жакшыртылса да тарай алган эмес. 1909-ж. Р-тар АКШда самолёт чыгаруу б-ча компания уюштурган.

Ад.: Знаменский Г. А., 70 лет со дня успешного полёта самолёта братьев Райт, в кн.: Из истории авиации и космонавтики, в. 19, М., 1973.

РАЙТ Франк Ллойд (8. 6. 1869, Висконсин штаты, Ричленд-Сентер — 9. 4. 1959, Аризона штаты, Тейлизин-Уэст) — амер. архитектор, орг. арх-ра мектебин негиздөөчү. Р. алгач майда турак жайлардын арх-расы м-н чектелип, кийин ири имараттарды (Токиодогу «Империал» мейманканасы, 1916—22; Нью-Йорктогу Гуггенхейм музейи, 1956—59) өзгөчө конструкциялык бай фантазияда жараткан. Ал имараттагы арх-ралык форманы жаратылыш кооздугу м-н байланыштырып, эстетикалык көркомдүктү түзгөн Кауфмандын үйүн («Шаркыратма үстүндөгү үй») салган (Пенсильвания штаты, Бер-Ране ш., 1936). Р-тын долбоорлорунун Берлинде өткөрүлгөн коргозмосү (1910) Европа арх-расынын өнүгүшүнө зор таасир тийгизген. АКШда анын арх-ралык чыг-лыгы 30-жылдардын алгына чейин баалангган эмес. Р. функционализмдин негизи болгон тик бурчтуктун ордуна жумуру, спираль түрүндөгү үлгүнү каршы койгон. Р.— азыркы арх-радагы рационализмдин негиз салуучуларынын бири.

Ад.: Гольдштейн А. Ф., Франк Ллойд Райт, М., 1973.


РАК, канцер (лат. cancer, carcinoma, гр. karkinos — рак, краб дегенден) — *эпителий тканынан* турган коркунучтуу шишик. Ал негизги коркунучтуу шишик. Ал негизги ткандан (эпителийлүү жумшак эт) ж-а кан, лимфа тамыры бар туташтырма ткандуу стромадан (шишиктин озогүнөн) түзүлөт. Эпителийдин түзүлүшүнө байланыштуу Р. цилиндр клеткалуу (бездүү Р., аденокарцинома) ж-а жалпак клеткалуу Р. болуп бөлүнөт. Биринчиси — ичеги-карын былжыр челиндеги бездерден, экинчиси терининн же ооздун дем алуу ж. б. жолдордун былжыр челинин клеткаларынан башталат. Строманын осүшүнө жараша шишик катуу ж-а жумшак болот. Р. клеткалары кайсы ткандан пайда болсо, ошонун функциясын аткарышы мүмкүн (мис., карын рагындагы клеткалар былжыр чыгаргандыктан аны былжырлуу Р. дейт), бирок алардын көлөмү, формасы түрдүү болуп, эпителийдин атайын функциясы жоголот же бузулат. Мис., терининн үстүңкү бетинин клеткаларынын чоң жалпак клеткалуу Р-та функциялык маанисин жоготкон өзүнчө бир тегерек чор массаларга айланат.

Кадимки клеткалардан Р. клеткалары цитогепетикалык (клеткаңын түз эмес белүнүшү), электрон микроскопиялык (митохондриялардын азайышы ж-а түзүлүшүнүн жөнөкөйлөнүшү), биохим. (ДНК, РНКнын составынын өзгөрүшү), иммунологиялык (нормалдуу антигендер жоголуп, шишикке мүнөздүү антигендердин пайда болушу) ж. б. өзгөчөлүктөр м-н айырмаланат. Р-тын стромасы бузулуп, саркомага окшосо, аны карциносаркома дейт. Р-тын мүнөздүү белгиси: дартка чалдыкпаган ткандарга жайылып, аларды бузат. Р. клеткалары кан же лимфа аркылуу организмге таралып, түрдүү органга ж-а ткандарга чөгөт. Натыйжада экинчи түйүндөр (метастаз) пайда болот. Мис., өпкө, эмчек, калкан безинин Р-ы соокко тарайт. Р. ткандын некрозго учураса, кан агып, аз кандуулукка алып келет. Некроз болгон жерге инфекция кирип, ириңдейт.

Кээ бир Р. шишиги организмдин ото маанилүү функцияларын бузушу мүмкүн. Мис., кызыл өңгөчтүн Р-ы айласыздан ачкалыкка алып келет, сийдик жолдорунун Р-ында сийдик токтойт ж. б. Р-тын акыркы стадиясында киши абдан арыктайт. Р-тын диагностикасында рентгенологиялык изилдөөлөр, биопсия өтө маанилүү. Р-тын себептерин, дарылоосун, алдын алууну ж-а Р. б-ча ад-тты к. *Канцероген заттар, Онкология, Шишиктер* макалаларынан.

РАКЕЛЬ — теренден басуучу басма машиналарында колдонулуучу бычак сымал жука болот пластина. Р. теренден басууда цилиндр формасындагы беттен ашык суюк боёкту алып таштоодо колдонулат. Басууда Р. ийилбес үчүн аны бекиткичке кармашат.

РАКЕТА (итал. rocchetta, госса — ийик дегенден) — реактивдүү кыймылдаткыч жумуш аткаргыч затты ажыратып чыгарууда түзүлгөн реакция күчүнүн аракетинен учуучу аппарат. Р. төмөнкү түйүндөрдөн: бир же бир нече ракета кыймылдаткычтан, энергиянын баштапкы булагынан, жумуш аткаргыч зат (отун) толтурулган сыйымдуулуктан, пайдалуу



Уч баскычтуу ракета: *1* — суюк отундуу ракета кыймылдаткычтын 1-баскычы; *2* — стабилизатор; *3* — биринчи баскычтын отун багы; *4* — биринчи баскычтын кычкылданткыч багы; *5* — суюк отундуу ракета кыймылдаткычтын 2-баскычы; *6* — экинчи баскычтын отун багы; *7* — экинчи баскычтын кычкылданткыч багы; *8* — суюк отундуу ракета кыймылдаткычтын 3-баскычы; *9* — үчүнчү баскычтын отун багы; *10* — үчүнчү баскычтын кычкылданткыч багы; *11* — башкаруу системасынын аппаратурасы бар приборлор болүмү; *12* — пайдалуу жүк; *13* — ракетанын уч жагы; *14* — космостук объектиден болүнүү механизми; *15* — экинчи ж-а 3-баскычтын ашташкан жери; *16* — биринчи ж-а 2-баскычтын ашташкан жери.

жүктон турат. Конструкциялык түзүлүшү б-ча Р. бир баскычтуу ж-а коп баскычтуу болуп айырмаланат. Р-нын учуусу үчүн айлана-чойродогу абанын кереги жок болгондуктан Р.— космоско учууга жарамдуу бирден бир аппарат. Р. үчүн ракета кыймылдаткыч пайда кылган тартуу күчү, соплодон чыккан реактивдүү агымдын ылдамдыгынын мааниси ото зор. Космос аппаратын учуруу үчүн Р. кыймылдаткычтын тартуу күчү 10 *Мн*, реактивдүү агымдын ылдамд. 3000—4500 *м/сек*га жетет. Р. аскер ишинде, ил. изилдоодо, космос аппараттарын учурууда колдонулат. Р-нын негизги энергетикалык ж-а эксплуатациялык мүнөздөмөсү кыймылдаткычтын тибине ж-а күйүүчү отундун түрүнө жараша аныкталат. Азыркы кездеги бардык Р-лардын кыймылдаткычтары хим. күйүүчү отун м-н иштейт (к. *Катуу отундуу ракета кыймылдаткыч*, *Суюк отундуу ракета кыймылдаткыч*).


РАКЕТА-АЛЫШ ЖУРГУЧ — Жердин жасалма спутниктери, планета аралык автоматтык станцияларды, космос кемелерин, орбиталык станцияларды ж. б. пайдалуу жүктөрдү космоско учуруп чыгара турган коп баскычтуу (2—4 баскыч) баллистикалык *ракета*. Энергетикалык мүнөздөмөсүнө ж-а пайдалуу жүктү жасалма спутниктин орбитасына учуруп чыгаруу жөндөмдүүлүгүнө жараша Р.-а. ж. төмөнкү класстарга: жеңил (500 *кг*га чейин), орто (10 тга чейин), оор (100 тга чейин), ото оор (100 тдан ашык) деп шарттуу болүнот. Р-а. ж-түн көпчүлүгү континент аралык баллистикалык ракетанын же орт. аралыкка учуучу баллистикалык ракетанын негизинде түзүлгөн.

РАКЕТА БАСКЫЧЫ — коп баскычтуу курама ракетанын бирдиктүү ажырама болугу; ал оз кыймылдаткычтары м-н учуу траекториясынын белгилүү аралыгында ракетаны учуруп күүлөндүрөт. Р. б. *ракета кыймылдаткычтардан*, алып жүрүүчү күч конструкциясынан, отундуу бактардан, отун берип тургуч системадан, башкаруу системасынан (ошол баскычка орнотулса) ж-а баскычтарды ажыратуч механизмдерден турат. Отуну түгөнгөндөн кийин Р. б. пайдасыз жүк катары ракетадан болүнүп жерге түшөт.

РАКЕТА КУРАЛЫ — кыйратуч каражаттарды бутага ракета м-н жеткирүү системасы; ал жер бетиндеги, асмандагы ж-а деңиздеги душмандарды талкалоого арналган. Р. к-ның артыкчылыгы ракеталар алыска ж-а жог. ылдамдыкта учат; ото зор кыйратуч күчтүү жарылгыч заттарды бутага так тийгизет; учуп бара жатканда тез маневр жасай алат; бир канча миң *км* аралыкты бир нече минутада учуп отот. Ракетанын жарылгыч болугу кадимки же ядролук (термоядролук) жарылгыч зат м-н дүрмөттолот. Р. к-ның тактикалык, оперативдик-тактикалык ж-а стратегиялык түрлөрү бар.

РАКЕТА КЫЙМЫЛДАТКЫЧ — айлана-чойрого (аба, суу) кез карандысыз аппараттагы (учуучу, жер үс-

Ракета кыймылдаткычтарынын схемасы: *а* — химиялык; *б* — ядролук; *1* — суюк кычкылданткыч куюлган челек; *2* — суюк отун (күйүүчү май) куюлган челек; *3* — суюк суутек куюлган челек; *4* — насос; *5* — күйүү камерасы; *6* — сопло; *7* — турбинадан газдын чыгышы; *8* — турбина; *9* — жылуулук чыгаргыч элементтер; *10* — башкаруу стержени; *11* — сактагыч өкран.



түндөгү, суу астындагы) гана заттар м-н энергия булагын пайдаланып иштөөчү реактивдүү кыймылдаткыч; *космонавтикадагы* кыймылдаткычтын негизги тиби. Р. к. реактивдүү агымдын кинетикалык энергиясына айландырылуучу энергиянын түрүнө жараша хим. (термохим.), ядролук, электр Р. к. болуп айырмаланат. Хим. отун м-н иштөөчү Р. к. кеңири таралган. Хим. отундардын агрегаттык абалына карата Р. к. суюк ж-а катуу отундуу болуп ажыратылат (к. *Суюк отундуу ракета кыймылдаткыч*, *Катуу отундуу ракета кыймылдаткыч*). Электр ж-а ядролук Р. к-тар келечекте космосто учуучу аппараттарда кеңири колдонулушу ыктымал. Космостук ж-а ракеталык техникада пайдаланылышына жараша Р. к. күүлөндүргүч (космостук ылдамдыкка чейин күүлөнтүүчү негизги кыймылдаткычтар), башкаргыч, тормоздогуч, түзөткүч, ориентациялагыч ж. б. болушу мүмкүн. Р. к. авиацияда негизги ж-а жардамчы (старттык, ылдамдатуучу) кыймылдаткычтар катары колдонулат.

РАКЕТАЛАР ДИНАМИКАСЫ — реактивдүү кыймылдаткычтар м-н жабдылган учуучу аппараттардын кыймылы ж-дөгү илим. Кыймылдаткычы иштеген мезгилде ракетанын учушунун эң негизги өзгөчөлүгү — андагы отундун күйүшүнүн натыйжасында ракетанын массасынын тез өзгөрүшү (азайышы). Мис., бир баскычтуу ракетанын ылдамдануу кезиндеги башкы массасы 90%ке чейин азаят. Ракета кыймылдаткычтар иштеген кездеги кыймыл закондору массасы өзгөрмө перселердин механикасынын теңдемелери м-н берилет. Р. д-ның эң маанилүү болуктору: 1) ракетанын масса (оордук) борборунун кыймылын изилдөө, б. а. Р. д-ның траекториялык маселелер теорияларын түзүү; 2) ракетанын масса борборуна карата кыймылын изилдөө; 3) эксперименттик Р. д-нда ракетанын кыймылы эксперименттик методдор м-н изилденет. Суюк отун м-н иштөөчү абдан чоң ракеталардын жасалышына байланыштуу Р. д-ның жаңы болумдөрү өнүгүүдө.

РАКЕТАЛЫК АСКЕРЛЕР—СССР Куралдуу Күчтөрүнүн бир түрү: ал ракеталык курал м-н стратегиялык же оперативдүү-тактикалык маселелерди аткарууга арналган. 50—60-жылдарда ракета-ядролук куралдардын пайда болушуна ж-а алар м-н куралдуу күчтөрдүн жабдылышына байланыштуу СССР, АКШ, Улуу Британия, Франция, Кытайдын куралдуу күчтөрүндө Р. а. түзүлгөн. СССРде стратегиялык маанидеги Р. а-ди түзүү м-н бирге Куркактагы аскерлерге ракеталык бирикмелер киргизилген. Стратегиялык маанидеги Р. а. душмандын ядролук кол салуу каражатарын, аның аскерлеринин ири бирикмелерин, согуш базаларын, согуш о. ж. объектилерин кыйратат, о. эле


тылдын ж-а транспорттун иштерине тоскоол кылат.

РАКЕТА ОТУНУ — *ракета кыймылдаткыч* үчүн жумуш аткаргыч ж-а энергия булагы болгон зат же заттар жыйындысы. Р. о. эң чоң тартуу күчүнө ээ, эң тыгыз, компоненттеринин талап кылынган агрегаттык абалы туруктуу, пайдалануюда коопсуз, конструкциялык материалдарга толук ылайык ж. б. болууга тийиш. Р. о. хим. ж-а ядролук болот. Ракета кыймылдаткычтардын көпчүлүгү хим. отун м-н иштейт. Айрым сакталуучу компоненттердин саны б-ча хим. Р. о. бир (унитардык), эки, үч ж-а коп компоненттүү болуп, компоненттердин агрегаттык абалы б-ча суюк, катуу, гибриддик, жалган суюк, килкилдек болуп болүнөт. Суюк ж-а катуу Р. о. көбүрөөк колдонулат. Бирок салыштырма импульсу б-ча суюк отун катуу отундан артыкчылык кылат, анткени катуу отундун составындагы энергиялык компоненттерди дайым эле толук пайдалануюга мүмкүн болбой калат.

РАКОВ Василий Иванович [26. 1(8. 2). 1909-ж. т., Петербург] — эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1940, 1944), авиациянын генерал-майору (1958), аскер-деңиз илимд. доктору (1967), проф. (1969). 1932-жылдан КПСС мүчөсү. 1928-жылдан Кызыл Армияда. Учкучтардын Аскер-теориялык (1929), Учкучтардын 1-Аскер, Деңиз учкучтарынын аскер мектептерин (1931), Аскер-Деңиз (1942) ж-а Генштаб Аскер (1946) академияларын бүткөн. Совет-фин согушуна (1939—40) катышкан. Улуу Ата Мек. согушта Кара деңиз ж-а Балтика флотторунда деңиз авиабригадасынын, Севастополдук 3-өзгөчө авиатобунун (1942—43) командирине орун басар, 9-штурмалоочу авиадивизия командиринин жардамчысы (1944), 12-авиаполктун (1944—45) командири. Р. 68 согуштук учуш жасап, Котка портунда фашисттердин «Ниобе» крейсерин (аба чабуулунан коргоочу) чөгөрүүгө катышкан. Согуштан кийин аскердик жооптуу кызматтарда. 1948-жылдан Аскер-Деңиз академиясында окутуучу, 1952-жылдан кафедра начальниги. 1971-жылдан запаста. Эки Ленин ордени, башка орден м-н сыйланган.

РАКОВЕЦ Степан Семёнович (27. 12. 1938-ж. т., Минск обл., Старо-Дорожский р-ну, Дрозды кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1973). 1975-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1953-ж. Минск обл., Старо-Дорожский р-нундагы «Дружба» к-зунда колхозчудан баштаган. 1961-ж. а. ч-н механикалаштыруу окуу жайын бүтүргөн. 1963-жылдан Кырг-н машина сыноо станциясында трактөрчү, звено башчы болуп иштейт. 1972—73-ж. кант кызылчасынан 583, 625 *ц/га* түшүм алган. СССР Жог. Советинин (9-шайл.), Кыргыз ССР Жог. Советинин (8-шайл.) депутаты. Эки Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

РАК СЫМАЛДАР (Crustacea), р а к т а р — суу жаныбарларынын муунак буттуулар тибиндеги классы. Алар классчаларга болүнөт. 20 миңдей түрү таралган. Денесинин уз. бир нече *мм*ден 80 *см*ге жетет, баш, көкүрөк ж-а курсагынан турат, хитин кабыктуу. Башында жуп фасеттүү көзү (айрымдарыныкы жалгыз), сезүү, кээде кыймыл-аракет органынын ролун аткаруучу муруту жайгашкан. Көкүрөгү 8 же андан коп сегменттерден турат. Кээде алдыңкы 4 сегменти башы м-н биригип, жаак-бутту түзөт. Көкүрөгүндөгү калган буттары м-н жылат ж-а анда бакалоорлору жайгашкан. Нерв системасы нерв түйүнү тибинде, азык сиңирүү органы жөнөкөй түзүлүштө, кан жүрүү системасы туюк эмес. Булчуңдуу жүрөгү жоңунда, бакалоору же териси м-н дем алат. Р. с.— айрым жыныстуу, көпчүлүгү гермафроддиттер. Уруктануусу сыртқы чөйрөдө отот. Р. с. деңиздө, тузсуз сууларда, айрымдары кургакта жашайт. Р. с. бактерия, орг. заттар, өлгөн жаныбарлар м-н азыктанат. Айрым Р. с-ды (крабдар, дарыя



Рак сымалдар: *1* — дафния; *2* — бакалоор аяк; *3* — суу эшек курту; *4* — камчатка крабы; *5* — дарыя рагы; *6* — креветка; *7* — батачы рак.

рагы ж. б.) киши тамак катары пайдаланат, о. эле айрымдары балыктарга жем. Промыселдик мааниси бар.

Ад.: Догель В. А., Зоология беспозвоночных, 6 изд., М., 1976.

РАКТАР — омурткасыз жаныбарлардын классы, к. *Рак сымалдар*.

РАКУРС (фр. raccourci—кыскартуу) — сүрөт өнөрүндө тартылган перселердин перспективалык кыскаруусу (к. *Перспектива*). Р. жасалга сүрөттөрдө кыймыл-аракетти ж-а кондикти таасирдүү берүү үчүн колдонулат.

РАМАЗАН, р а м а д а н — мусулман ай календарынын (к. *Хижра*) тогузунчу айы. Куран ж-а шарият б-ча мусулмандар Р. айында орозо тутуугa милдеттүү. Илгери Р. айында кыргыздарда жарамазан айтылчу.

РАМАН Чандрасекхара Венката (7. 11. 1888, Тируччираппалли — 21. 11. 1970, Бенгалуру) — индус физиги. 1903—07-ж. Мадрастагы ун-тте окуган. 1907—17-ж. Финансы департаментинде кызмат отогон. Ошол эле мезгилде илимди өнүктүрүүнүн индиялык ассоциация лабор-ясында ил. иш-



С. С. Раковец.

терди жүргүзүүгө активдүү катышкан. 1917—33-ж. Калькутта ун-тинде иштеген. 1925-ж. СССР ИАнын чакыруусу б-ча СССРге келип кеткен. 1933-жылдан проф. ж-а Илимдер ин-тунун директору, 1947-жылдан Бенгалурудагы Раман ат. ил. из. ин-тунун директору. 1934-жылдан Индия ИАнын президенти. Негизги эмгектери оптика, акустика, мол. физика б-ча. 1928-ж. (Л. И. Мандельштам ж-а Г. С. Ландсберг м-н бир мезгилде) жарыктын комбинациялык чачыроо кубулушун ачып, аны Комптон эффектисинин оптикалык аналогу катары түшүндүргөн. Бул эмгеги үчүн Р-га 1930-ж. Нобель сыйл. берилген. СССР ИАнын (1947) чет элдик мүчөсү. «Элдер ортосундагы тынчтыкты чыңдаганы үчүн» Эл аралык Ленин дик сыйл. лауреаты (1957).

«РАМАЯНА» — байыркы инди элинин санскрит тилиндеги эпикалык поэмасы. Болжол м-н б. з. ч. 4-к-да Чыгыш Индияда пайда болуп, б. з. 2-к-нда азыркы кейпине келген. Поэманын негизинде тарыхый окуялар — арийлердин Түш. Индияга алгач оошу, жерг. уруулар м-н болгон кагылыштар жатат деп болжолдонот. Поэмада окуялар баш каарман Раманын эрдиктерин сүроттоо м-н онүктүрүлөт; мифтер м-н уламыштардын фантастикалык мотивдери поэма жаралган доордогу реалдуу белгилер м-н жуурулушуп, инди элинин коомдук ж-а маданий турмушунун гүлдөгөн мезгили чагылдырылат. Поэма коркомдүү жагынан инди ад-тында корүнүктүү орунда. Ал чыгыш өлкөлөрүнүн коп адабий чыг-ларына негиз болгон.

Т е к с т: в рус. пер. — Рамаяна. Древний эпос. Литературное изложение В. Г. Эрмана и Э. Н. Тёмкина, М., 1965; Махабхарата. Рамаяна, М., 1974.

Ад.: Гринцер П. А., Махабхарата и Рамаяна, М., 1970; е г о ж е, Древнеиндийский эпос, М., 1974.

РАМБУЛЬЕ — уяң жүндүү кой породаларынын тобу. 19-к-дын ортосунда Испаниядан Францияга алынып келинген ар түрдүү мериное койлор аргындаштырылып алынган. Рамбуйе ш-нда чыгарылган. Р. башка койлордон чоңдугу, дене түзүлүшүнүн өзгөчөлүгү, тез жетилиши, жүнүнүн узундугу ж-а коюулугу м-н айырмаланат. Кочкорунун тирүүлөй салм. 80—90, соолугу 50—60 *кг*. Жүнү 64—70-сапатта, уз. 6—7 *см*. Кочкордон 8—10, соолугунан 5—7 *кг* жүн кыркылат. Р. кою Австрия, Австралия, АКШ, Түш. Америка өлкөлөрүндө багылат. СССРге 1925-ж. Америкадан Р. кочкорлору алынып келинип, жерг. ар түрдүү койлор м-н аргындаштыруунун негиз-

зинде аскания, алтай, кавказ, ставрополь, саль породалары чыгарылган.

РАМЗАЙ Уильям (туурасы Рэмзи; 2. 10. 1852, Глазго — 23. 7. 1916, Хайуиком) — англ. химик ж-а физик. 1880-жылдан Бристол ун-тинин ж-а Лондондогу ун-т коллежинин (1887—1913) проф. Петербург ИАнын ардактуу мүчөсү (1913). Ал 1884-ж. циклтин ат. массасын аныктаган. 1887-ж. ацетилен м-н цианду суутектен пиридинди синтездеген. Ж. Рэлей м-н 1894-ж. аргонду, 1895-ж. *гелийди*, М. Траверс м-н 1898-ж. *криптон, ксенон* ж-а *неонду* ачкан. Бул эмгектери Нобель сыйлыгына татыктуу болгон (1904). Р. мол. физика, суюктуктардын мол. массасын аныктоо ж-а радиоактивдүүлүк б-ча да иштеген.

Ад.: Соловьёв Ю. И., Петров Л. П., Вильям Рамзай. 1852—1916, М., 1971.

РАМЗАУЭР ЭФФЕКТИ — *тар ааламдо* газ молекулалары же атомдору жай кыймылдуу электрондорду өздөрү аркылуу чачыратпастан толук өткөрүү кубулушу; *кең ааламдо* (классикалык физиканын түшүнүгү б-ча) электрондордун ж-а кээ бир газдын нейтраль атомдорунун (же молекулаларынын) *өз ара аракеттенишинин* аномалдуу (нормалдуу эмес) мүнөздө болушу. Р. э-н 1920-ж. немец физиги К. Рамзауэр аргондогу электрондордун чачыроосун изилдөөдө ачкан. Кийин башка оор *инерттүү газдарда* байкалган. Атом м-н өз ара аракеттенүүдө жайыраак электрондор толкун сыяктуу кыймылда болушат.

РАМИ (Beehmeria) — чалкандар тукумундагы бөмөрия уруусуна кирүүчү өсүмдүк. Көбүнчө аппак бөмөрия же кытай чалканы деп аталат. Р.— көп жылдык, сөңгөгү катуу, бутаксыз, түз, чың тамырлуу өсүмдүк. Гүлү майда, бир жыныстуу. Мекени— Кытай; Түш. ж-а Чыгыш Азияда өсүлет. Материктердин тропик ж-а субтропик обл-тарында; СССРде Закавказье м-н О. Азиянын кээ бир жерине өстүрүүгө ыңгайлуу. Ал нымдуу, күрдүү топуракта ж-а жылуу жерлерде жакшы өсөт. Сөңгөгү —1°С суукта үшүүгө мүмкүн. Р. ичке, жылтырак, бышык ж-а чырбес буласы м-н баалуу. Андан түрдүү сапаттуу жип, тор, жог. сорттуу (ачалык) кагаз жасалат. Дүйн. рынокко Кытайдан алынып келинет.

Ад.: Синягин И. И., Тропическое земледелие, М., 1968.

«РАМИТ» — Тажик ССРиндеги Гиссар кырка тоосунун түштүгүндөгү коruк. Аянты 16,1 миң *га* (1974). Жаңгакмөмө ж-а арча токойлорун коргоо максатында 1959-ж. уюшулган. Анда зарап, алча, бадам, чие, алма, жаңгак, мисте, арча, бөрү карагат, кайың, терек ж. б. өсөт. Тоо эчки, чүткөр, суур, суусар, улар, кекилик ж. б. жашайт. Суусунда форель, маринка, жаян бар. 1960-жылдан бугу байырлатылууда.

Ад.: Заповедники Советского Союза, М., 1969.

РАМОС БЕХАРАНО Диониспио (жашырын аты — Моралес Марио; 9. 10. 1918-ж. т., Сан-Педро-Сула) — Гондурас коммунисттик кыймылынын ишмери. Дыйкан үй-бүлөсүнөн. 1936-ж. орто мектепти бүтүп, Мехика ш-ндагы Улуттук автономия ун-тинин укук ф-тетине окууга өткөн. 1938-ж. мекенине кайтып келип, маркстик ад-ттарды окуп үйрөнүү б-ча жумушчулар ийримдерин түзүшкөн. 1940—46-ж. «Юнайтед фрут компаниге» караштуу т. ж-до иштеген. Банан плантацияларында иштеген жумушчулардын аёосуз эзилип жатканын ашкерелеген бир катар макалаларды жазганы үчүн камалган. 1946-жылдан бүт өмүрүн рев-ячыл ишмердикке арноону чечкен. 1949-ж. майда бурж. рев-ячыл-демокр. партияны түзүшүп, 1952-жылга чейин анын жетекчилеринин бири ж-а «Вангуардия революционария» деген басма сөз органынын редактору болгон. Компартия түзүү үчүн даярдык көргөн. Гондурас коммунисттик партиясын (ГКП, 1954) түзүшкөндөрдөн ж-а ошондон тарта ГКП БКнын, анын Саясий комиссиясынын мүчөсү ж-а ген. (1972-жылга чейин — биринчи) секретары. Рев-ячыл активдүү ишмердиги үчүн нечен ирет камалган ж-а өлкөдөн айдалган.

РАМПА (театрда) — сахна полунун алдыңкы чегинде жайгашкан (проценциумду курчаган борттун ичинде) жарык берүүчү аппарат. Сахнага алдынан ж-а төмөн жагынан жарык берет. Азыркы театрда Р.— жарык кылуу системасынын гана бөлүгү.

РАМСЕС — Байыркы Египеттин фараондору. Белгилүүлөрү: Р. II (такка отургандагы аты — Усер-маат-Расотеп-ен-Ра) — XIX династиянын фараону (б. а. ч. 14-к-дын аягы — 13-к-дын ортосу). Аның түшүндө Египет кыйла гүлдөп, хеттер м-н согушта Палестина ж-а Түш. Сирияны каратkан. Резиденциясын Фивыдан түн.-чыгыш Дельтага көчүрүп, ал жерге «Пер-Рамсес» ш-н («Рамсес үйү», кийин — Танис) курдурган. Ал Абидос м-н Фивыдагы храмдар сыяктуу ири курулуштарды салдырган. Согуштар м-н храмдарга жумшалган каражаттар эмгекчилерди жакырдантып, ак сөөктор м-н жрецтерди байыткан. Р. IV (III) (такка отургандагы аты — Усер-маат-Ра-мери-Амон) — XX династиянын фараону (б. з. ч. 13-к-дын аягы — 12-к-дын 70-жылдары). Айрым илимпоздор Р. III деп да аташат. Египетке кол салган «деңиз элдеринин» соккусун кайтарганы м-н, аның түшүндө өлкө начарлай берген. Жалданма аскерлер м-н жрецтерге таалгандыктан эл толкундоолору көбөйгөн. Р. IV мамл. төңкөрүштө өлтүрүлгөн. Р. IVдөн кийин бийлегендер ад-тта Рамессилер деп аталат (акыркысы 1112—1070-ж. бийлеген).

РАМСТЕДТ Густав Йон (22. 10. 1873, Таммисари—25. 11. 1950, Хельсинки) — финн тилчиси. Хельсинки ун-тинин проф. (1917—41). Алтай таанууга ж-а монгол тилдерин изилдөөгө аден салыштырма-тарыхый метод колдонгондордон. 1898-жылдан Волга бою, Монголия, калмак талаалары м-н Кушка аймактарына экспедиция жүргүзүп, монгол ж-а калмак тили, фольклору б-ча материал чогултуп, түрк, кээде тунгус-манжур параллелдери м-н кошо жарыялаган. Р. урал-алтай тилдеринин тектештиги ж-дөгү маселеге каршы болуп, корей ж-а япон тилин алтай тилдерине кошкон. Бул пикири «Корей тилинин этимологиясы боюнча изилдөө» (1—2-т., 1949—53) деген эмгекте берилет.

Эмг.: Грамматика корейского языка, пер. с англ., М., 1951; Введение в алтайское языкознание. Морфология, пер. с нем., М., 1957.

РАНГ (фр. rang — катар дегенден) — 1) даража, чин, категория, атайын наамдар; маселен, СССРде мындай Р-дар бар: дипл. кызматкерлер үчүн— атайын ж-а полномочиелүү элчи, кеңешчи, ишке ишенимдүү киши ж. б.; АДФтин офицерлери үчүн 1-, 2-, 3-Рдагы капитан деген жеке наам. 2) Согуш кемесинин категориясы, разряды.

РАНГ матрицанын (математикада) — даража же категория; берилген матрицанын нөлгө барабар эмес минорлорунун эң жог. даражасы. Р. матрицанын сызыктуу көз каранды эмес сабынын (же мамычасынын) эң жог. санына барабар. Матрицаны элементардык өзгөртүп түзүүдө (сабын же мамычасын орун алмаштырууда, сабын же мамычасын нөлдөн башка санга көбөйткөндө ж-а кошкондо) аның Р-ы өзгөрбөйт. Белгисиздердин коэффициенттеринен түзүлгөн матрицанын Р-ы өткөл Р-дын мамычасына бош мүчөнү кошкондо өзгөрбөсө, анда сызыктуу теңдемелердин системасы чыгарылышка ээ.

РАНГУН — Бирманын админ.-саясий, экон. ж-а маданий борбору. Өлкөдөгү эң ири шаар. Рангун д-нын жээгинде. Ири порт, ал аркылуу экспорттун 85%, импорттун 90% өтөт. Автомобиль ж-а т. ж. тооmу, аэропорту эл

Рангун ш. Борбордук бөлүгүнүн жалпы көрүнүшү.



аралык мааниде. Калкы 2,1 млн (шаар айланасы м-н, 1975). Шаар ж-а анын айланасында өлкөдөгү о. ж. ишканаларынын көбү топтолгон. Күрүч тазалоочу, май, балык, тамеки, о. эле тактай тилүүчү ишканалар иштейт. Мех. ж-а т. ж. устаканалары, кеме куруучу ж-а ондоочу верфтер, болот прокат а-ду, фармацевтика ф-касы, нефть ажыратуучу а-ду бар. Кол өнөрчүлүк (кездеме, бут кийим, күмүшкө оймо түшүрүү ж. б. буюмдар) тараган. Ун-т, 7 ин-т (мед., пед., вет. ж. б.), мекемелер, китепканалар, музейлер ж. б. бар. Р. 1753-ж. негизделген.

РАНДЕВУ (фр. rendez-vous — келесиңер дегенден) — 1) жолугушуу; 2) кемелердин же кеме бирикмелеринин деңизде болжошкон жерге келиши.

РАНЕВСКАЯ Фанна Григорьевна [15 (27). 8. 1896-ж. т., Таганрог]—сов. артист, СССР эл арт. (1961). Артисттик иштин 1915-ж. баштаган. 30-жылдардын башында Москвадагы Камералык, Кызыл Армиянын Борб. театрында, Драма театрында, Пушкин атн. театрда (1949—55), 1963-жылдан Моссовет атн. театрда эмгектенген. Көрүнүктүү ролдору: Васса (Горький, «Васса Железнова»), Солнцева (Суров, «Москвада аткан таң»), Лосева (Штейн, «Намыс закону») ж. б. Киного да тартылган. Р. ашкерелөөчү комедиялык, сатиралык жагдайларды таасын табылган турмуштук өзгөчөлүктөр м-н айкалыштыра ойногонго чебер. СССР мамл. сыйл. лауреаты (1949, 1951). Эки орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Дунина С., Фаина Григорьевна Раневская, М., 1953.

РАНТЬЕ (фр. rente — рента дегенден) — өндүрүшкө катышпаган, ссудага берилген акча капиталынын процентинен же баалуу кагаз акча (акция, облигация) кирешесинен жашаган капиталисттер тобу.

Р.— капит. коомдун эң мите катмары. Ал капиталды мобилизациялоого, аны кайра болуштүрүү процессине ж-а *кредит* системасына катышат. Р. капиталы — рынокторду алып сатарлыктын негизи. Капиталдын жыйылышынан, байлыктын, буюмдун көбөйүшүнөн, капиталдын топтолушунан ж-а борборлошуусунан Р-нин саны өсөт. Р. санынын эң ылдам өсүшү *империализм* дооруна мүнөздүү. Бул — капитализмдин мителигинин ж-а чирип жок болуп баратышынын бир белгиси. Мында капиталисттер тобу гана эмес, өз капиталын чет өлкөго чыгарып, ошол өлкөнүн элин эзүүдөн алынуучу процент м-н дивиденд эсебинен жашаган бүтүндөй бир топ Р.-мамлекет пайда болду. 20-к-дын башында аның нукура үлгүсү Франция болсо, экинчи дүйн. согуштан кийин чет өлкөго чыгарылган капиталынын масштабы ж-а андан түшкөн кирешеси б-ча АКШ, Улуу Британия, Франция, ГФР, Япония ж. б. ири Р.-мамлекетке айланды.

РАПАКИВИ (финче rapakivi — чиригөн таш) — порфир сымал структуралуу гранит. Составын кызгылтым түстөгү ортоклаздын ири кристаллдары (40%ке чейин), кварц (30%), олигоклаз (20%), биотит (8%) ж-а кошунду минералдар (2%) түзөт. Р.— баалуу курулуш материалы.

РАПАЛЛО КЕЛИШИМИ (1920) — Италия м-н Серб, хорват ж-а словен (1929-жылдан Югосл-я) короолдугунун ортосундагы чек ара ж-до 12-ноябрда Рапалло ш-нда (Италия) кол коюлган келишим. Р. к. б-ча Италия Далмацияга болгон талабынан баш тартып, эки мамлекеттин чек арасы Соча м-н Сава сууларынан болугөн. Италияга бүт Истрия, Опатия ж. б. жерлер, о. эле Црес, Лошинь, Ластово ж-а Палагружа а-дары, Зара порту кошулган. Риеканы (округу м-н) ж-а ага чектеш жерлерди өзү тарап тең «көз карандысыз мамлекет» деп тааныган. Бул келишим б-ча калкынын 70%ин славяндар түзгөн аймак Италияга бириккен. 1947-жылдагы Париж тынчтык келишими б-ча бул жерлер (Трнестен башкасы) Югосл-яга өткөн.

РАПИРА — спорттук сайуучу курал. Ал солкулдак болот пайзадан ж-а кол калканч м-н туткадан турат. Учун көздөй ичкерип, учунун диаметри 6 *мм*, уз. 110 *см*, салм. 500 *г*. Р-нын женекей ж-а электрлешкен (1954-жылдан *фехтование* мелдешинде колдонулат) түрү бар.

РАПОРТ (АДФте — рапо́рт) — 1) аскер кызматкерлеринин устав формасы м-н болгон окуяны начальникке оозеки же жазуу жүзүндө баяндашы. 2) Тапшырма же милдеттенмени аткарылышы ж-дө отчёт.

РАПП (Российская ассоциация пролетарских писателей), к. *СССР жазуучулар союзу.*

РАПС (Brassica napus, B. napus ssp. oleifera) — кайчы гүлдүүлөр тукумундагы бир жылдык өсүмдүк. Жаздык



же күздүк эгилет. Жапайы түрү кездешпейт. Россияда 19-к-да эгиле баштаган. Кычы м-н огород капустасын кыйыштыруудан алынган. Сабагынын уз. 50—150 *см*. Тилик жээк, тасма жалбыракту. Чачык гүлдүү, гүлү майда, ак, сары түстүү. Уругу майлуу. Жаздык Р-та 33—40, күздүгүндө 40—50% май болот. Күздүк Р. кышкы суукка, кургакчылыкка байымсыз. Майы маргарин, самын жасоодо, булгаары, текстиль о. ж-нда пайдаланылат. Күздүк Р. — баалуу тоют, 1 *га* жерден орт. 300 *ц* жашыл тоют алынат. Р. Индия, Кытай, Канада ж. б. өлкөлөрдө 10 млн *га* аянтты ээлейт, СССРде негизинен токойлуу талаа зоналарында айдалат.

РАПСОДИЯ (гр. rhapsodia — рапсод ыры) — эл обондорунун (ыр ж-а бий) негизинде эркин формада жазылган вокалдык же аспаптык муз. чыгарма. Классикалык соната формасындагы фортепиано Р-сын В. Томашек (1813), кийин Ф. Лист («Венгр рапсодиялары», 1846—85; «Испан рапсодиясы», 1863) жазган. Р-ның оркестр үчүн (А. Дворжактын «Славян рапсодиялары», М. Равелдин «Испан рапсодиясы»), соло (жеке) аспап м-н оркестр үчүн (скрипка м-н оркестр үчүн Э. Лалонун «Норвег рапсодиясы», фортепиано м-н оркестр үчүн С. Ляпуновдун «Украин рапсодиясы») ж. б. түрлөрү бар. Р. жанры совет музыкасында да кеңири өнүккөн (оркестр үчүн К. Караевдин «Албан рапсодиясы», фортепиано үчүн С. Медетовдун «Рапсодиясы» ж. б.).

РАРИТЕТ (лат. raritas — сейректик дегенден) — чанда учурообу баалуу буюм.

РАСА (фр. race — уруу, порода) биология — түр же түрчөнүн ичинде геогр. же экологиялык жактан өзгөчөленген организмдер тобу. Р-дагы организмдер морфо-физиол. ж-а экологиялык өзгөчөлүктөрү б-ча окшош болушат. Кээде бир эле жерде түрдүү Р. кездешип, алар жашоо шарттары б-ча айырмаланышат (экологиялык Р.). Мис., көпчүлүк өсүмдүктөрдө Р-ның түрдүү типтери пайда болот. Көпчүлүк мителердин Р-сы белгилүү эзсине — өсүмдүк же жаныбарга функциялуу ыңгайлангандыгы м-н айырмаланат. «Р.» терминн ихтиологияда балыктын жерг. популяциясын билдирет; о. эле үй жаныбарларынын породаларына карата да колдонулат.

РАСАЛАР (фр. race — уруу, порода), адам расасы — келип чыгышы жагынан, дене түзүлүшүнүн (чачы, терисинин түсү, көзү ж. б.) тукум куучулук жалпы белгилери б-ча айырмалуу калыптанган адамдар тобу. Бардык Р-дын азыркы адамдарга тиешелүү (сырткы түзүлүшү, физиол. ж-а психол.) окшоштугу көп, ал эми айырмасы аз. Бирок Р-дын пайда болушу ж-дө полигенизм (Р. адам сымал башка-башка маймылдардан тараган деген) ж-а моногенизм (бардык Р. адам сымал бир оңчой маймылдан тараган деген) теориясы бар. 18—20-к-да Р-дын морфол. (сырткы түзүлүш) өзгөчөлүгүнө байланыштырылган көптөгөн классификациялар сунуш кылынган. Бирок алардын ичинен кыйла жөндүүсү Ж. Деникерге (1900) таандык.

Азыркы адамдардын көбү үч чоң Р-га бөлүнөт: негроид *(экватор расасы;* териси калың, кара күрөң түстө, денеси сейрек тармал түктүү, мурду жалпак, таноосу кең, эриндери



Ж. Расин.



М. М. Раскова.

калың ж. б.), европеоид (кубакай, денеси калың түктүү, куш мурун, эриндери жука ж. б.), монголоид (териси саргыч жө кара тору, чачы кайраттуу ж-а тик, мурду кетирекей, көздөрү бүтүк ж. б.). Европеоид Р-ы дене түзүлүшү б-ча 30 чамалуу дагы майда Р-га бөлүнөт. Адамзаттын айрым топторунун кайсы Р-га кирери ж-а болүнөрү азырынча чечиле элек. Австралиялыктар чач-сакалынын өсүшү б-ча европеоид расасына, айрым белгилери б-ча экватор расасына өткөт. Бушмендер м-н готтентоттордун териси саргыч, беттери жалпак, көздөрү бүтүк, бирок калган белгилери б-ча экватор расасына кирет. Амер. индеецтер көп белгилери б-ча монгол расасына өткөт. Полинезиялыктарда үч чоң расанын белгилери бар. Р-дын аралашуусунун натыйжасында Түп. Африка, Батыш Сибирь, Индия, Түш.-Чыгыш Азия аймактарында аралаш Р. түзүлгөн. Р-дын аралашуусу европ. колониялоодон кийин бир кыйла күчөгөн.

Р. эволюция жолу м-н эмес, геогр. чөйрөгө адамдардын ыңгайланышынан келип чыккан. Р-га болүү этнографиялык, тилдик болүү м-н дал келбейт. Расалык айырмалар коомдун өнүгүшүнө таасир тийгизбейт. Байыркы цивилизациянын борбору — Байыркы Кытайда монгол, Көш өзөндө европеоид, Байыркы Индия м-н Египетте экватор ж-а европеоид Р-ының өкүлдөрү жашаган. Бул тарыхый далилдер Р-дын акыл ж-а мад-т жагынан теңсиздиги ж-дөгү реакциячыл расизм теориясын төгүнгө чыгарат.

Негизги Р-дын байыркы өкүлдөрү палеолит доорунда пайда болгон. Түш. ж-а Борб. Африка, Индонезияда палеолиттин соңку доорунда экватордук Р-дын өкүлдөрү жашаган. Байыркы монгол Р-ының калдыктары Сибирь м-н Кытайдан табылган.

Негизги Р-дын пайда болуу доорунда Австралия м-н Америкада адамдар жашаган эмес. Палеолиттин соңку доорунда адамдар Австралияга Түш.-Чыгыш Азиядан, Америкага Түн.-Чыгыш Азиядан Беринг кысыгы аркылуу өткөн. Ошондуктан австралиялыктар негроиддерге, амер. индеецтер монголоиддерге окшош. Түн. Европадан муз чегинген соң анда европеоид ж-а монгол Р-ының аралашуусунан урал-лапаноид Р-ы келип тарай баштаган. Элдердин улуу көчүш доорунда Борб. Азиянын монгол тибиндеги элдери мурда европеоиддер жашаган Түш. Сибирге ж-а Казн-га кире баштаган.

Ар кандай элдердин ортосундагы экон., социалдык ж-а маданий өнүгүүнүн шартына жараша расалык айырма барган сайын көбүрөөк жоюлуп, ар түркүн Р-дын белгилерин камтыган жаңы Р. пайда болууда.

Ад.: Неструх М. Ф., Человеческие расы, М., 1965; Чебоксаров Н. Н., Чебоксарова И. А., Народы, расы, культуры, М., 1971; Расы и народы. Ежегодник, в. 1—3, М., 1971—73.

РАСИЗМ — адам расасы дене ж-а психикасы б-ча бирдей эмес ж-а ал айырма тарыхка, адам коомунун мад-тына түрдүүчө таасир этет деген реакциячыл көз караштардын жыйындысы. Р-дин бардык түрүнө адамдар теңи асыл ж-а төмөнкү расаларга бөлүнөт. Биринчиси үстөмдүк кылууга, ал эми экинчиси эзилүүгө тийиш деген реакциячыл пикир мүнөздүү. Расалардын табигый теңсиздиги ж-до түшүнүк күл эзлик коомдо эле пайда болуп, күл эзлери м-н күлдардын социалдык «айырмачылыктарын» аныктоого кызмат кылган. Ушуга окшогон «жалган теориялар» тарыхта көп болгон. Гитлердик фашизм убагында Р. официалдуу идеологияга айланган. Р. азыркы капит. өлкөлөрдө расалык дискриминация, сегрегация, геноцид, спонизмди актоо үчүн колдонулууда. АКШда Р-дин теория м-н практикасына каршы негрлер, индеецтер, о. эле ак америкалыктардын прогрессчил катмары күрөш жүргүзүүдө. Социалдык-экон. ж-а маданий прогресс калктын расалык составы эмес, социалдык түзүлүш м-н партиталарын СССРдин практикасы ачык-айкын көрсөттү. ЮНЕСКО тарабынан Москвада (1964), Парижде (1967) чакырылган эксперт-адистердин кеңешмеси Р-дин бардык түрүн айыптаган. 1971-ж. расалык дискриминациянын бардык түрүнө каршы биргелешип аракеттенүүнүн Эл аралык жылы, ал эми 1974—84-ж. он жылдыгы деп жарыяланды. Р. м-н күрөш-капитализм ж-а социализм дүйнөсүнүн ортосундагы саясий ж-а идеол. күрөштүн ажырагыс бир болүгү.

Ад.: Документы обличают расизм, М., 1968; Народы против расизма, М., 1970.

РАСИН Жан (21. 12. 1639, Ферте-Милон, Валуа графтыгы. азыркы Эн департаменти — 21. 4. 1699, Париж) — француз жазуучусу. Француз академиясынын мүчөсү (1673). Чиновниктин уулу. Пор-Роялдын янсенизм мектебинен окуган. Түңүч трагедиясы («Фиванда же каскашкан ага-инилер») 1664-ж. жарыяланган ж-а коюлган. Р. кийинки трагедияларынын дээрлик баарын классицизм салтында жазган: «Улуу Александр» (1666), «Андромаха» (1668), «Британник» (1670), «Береника» (1671), «Баязет» (1672), «Митридат» (1673), «Ифигения Авлидада» (1675). Р-дин каармандары трагедиялуу кырдаалдарда бийлик башындагылар тарабынан тепселген адамдык ар-намыс, асыл сезимдерин астейдилдик м-н коргошот. Анын, о. эле янсенизмдин моралдык дүнийө агымы м-н мүдөөлөш болуп, элдик көтөрүлүш акыйкаттуу экени ж-дөгү оюн жашырын чагылдырган библия темасындагы «Эсфирь» (1689), «Аталия» (1691) деген трагедиялары да бар. Р. чыг-ларында адамдын ички дүйнөсүн реалдуу чагылдыруу м-н этикалык трагедиянын тибин түптөгөн.

Чыг.: в рус. пер. — Соч., т. 1—2, М.—Л., 1937; Сатиры, Л.—М., 1959.


Ад.: Мокульский С., Расин, Л., 1940; Гриб В. Р., Расин, в его кн.: Избр. работы, М., 1956; Шафаренко И., Ж. Расин, в кн.: Писатели Франции, М., 1964.

РАСКОВА Марина Михайловна [15 (28). 3. 1912, Москва — 4. 1. 1943, Саратовго жакын жерде] — сов. учкуч-штурман (1934), майор (1942), Сов. Союз. Баатыры (1938). 1940-жылдан КПСС мүчөсү. Мугалимдин үй-бүлөсүнөн. Борб. аэроклубдун учкучтар мектебин бүтүрүп (1935), 1938-жылдан Кызыл Армияда. 1938-ж. 2-июлда (П. Д. *Осипенко*, В. Ломако м-н) Севастополь — Архангельск маршруту м-н гидросамолётто, 24—25-сентябрда (В. С. *Гризодубова*, П. Д. Осипенко м-н) Москва — Ы. Чыгыш маршруту б-ча АНТ-37 самолётунда штурман болуп, конбой алыска учкан. Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) аялдар авиаполкун түзүү б-ча авиатопко, 1942-жылдын январынан аялдардын бомбалоочу авиаполкуна командир. Кызмат өтөп жүргөндө курман болгон. Соогу Кызыл аянттагы Кремль дубалына коюлган. Эки Ленин ордени ж-а 1-дараж. Ата Мекендик Согуш ордени (өлгөндөн кийин) м-н сыйланган.

РАССВЕТ — Кант р-нундагы Жээк айыл советине караштуу Гагарин кыш-нын 1968-жылга чейинки аты. Калинин атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Канттан 9 *км* чыгыш тарапта, Кант т. ж. станциясынан 8,5 *км*. Калкы 363 (1979). Клуб, китепкана бар. 1928-ж. орношкон.

РАСТР — (лат. raster, rastrum — тырмоо, кетмен) — 1) оптикада — багытталган жарык шооласынын структурасын өзгөртүүчү торчо. Ал түнүк ж-а чагылдыргыч Р. болуп болүнөт. Р. торчосунун геом. структурасы ар түрдүү — туура, туура эмес, башаламан болушу мүмкүн. Р.— растрдык оптикалык системанын негизги компоненти. 2) Полиграфияда — фотосүрөттөрдүн көчүрмөсүн жасоодогу репродукциялык техникада колдонулчу оптикалык аспап. Колдонуу ыкмалары б-ча Р. проекциялык ж-а тиймектик болуп болүнөт. Проекциялык (*а, б, в, г* сүрөттөр) фотосүрөткө тартууда гана колдонулат. Тиймектик Р. (*д* сүрөтү) фотосүрөткө тартууда, көчүрмөсүн түшүрүүдө да

негативден же диапозитивден сүрөттү (формалуу материалга) көчүрүүдө колдонулат. Бийиктиктен ж-а тегиздиктен басууда демейде 1 *смге* 24—60 сызык туура келген автотиптик деп аталган эки сызыктуу проекциялык Р. колдонулат (*б* сүрөт). Тегиздиктен басууда атайын эң жыш сызыктуу тиймектик Р. пайдаланылат. Алар сүрөттүн көчүрмөсүн түшүрүү стадиясында басуу формаларын даярдоо процессине катышат. Формасы



а *б* *в* *г* *д* *е*

Растрдын түрлөрү: *а* — сызыктуу; *б* — эки сызыктуу; *в* — ромбалык; *г* — түптүү; *д* — контакттуу; *е* — терендиктен басуучу.

б-ча Р. тик бурчтуу, чарчы же тегерек болушу мүмкүн.

РАСТРЕЛЛИ Варфоломей Варфоломеевич (Бартоломео Франческо) [1700, Париж (?) — 1771, Петербург] — орус архитектору. Орус барокко арх-расынын (18-к.) ири өкүлү. Теги жагынан италиялык, Франциядан Россияга чакырылып келген скульптор Б. К. Растреллинин уулу. 1730—63-ж. падыша сарайынын архитектору. Ал 1747—52-ж. Петергофту (азыр Петродворец) кайра куруп, Чоң сарайды кеңейтип, калыбына келтирген. Царское Селодо (азыр Пушкин ш.) Екатерина сарайын аябай кооздолгон фасад ж-а флигелдүү зор имаратка айландырган. Андан тышкары Смольный монастырын (1748—54), *Кышкы сарайды* (1754—62) курган. Р-нин чыг-лыгына арх-ралык формалардын ачык-айкындыгы, скульптуралык жасалгалардын түстөрдү чебер пайдалануу мүнөздүү.

Ад.: Денисов Ю. М., Петров А. Н., Зодчий Растрелли, Л., 1963.



В. В. Растрелли.



Ж. Расулов.



Расул Рза.

РАСУЛОВ Жабар [27. 6(10). 7). 1913-ж. т., Хожент (азыркы Ленинабад) ш., Тажик ССРи] — сов. мамлекеттик ж-а парт. ишмер. 1939-жылдан КПСС мүчөсү. Жумушчу үй-бүлөдөн. О. Азия пахтачылык ин-тун (1934) бүтүргөн. 1934-жылдан агроном, 1938-жылдан Тажик ССР дыйканчылык эл комиссариатында (башкарманын начальниги, эл комиссарына орун басар) иштеген. 1941—45-ж. СССР даярдоо эл комиссариатында Тажик ССРи б-ча уполномочен. 1945—46-ж. Тажик ССР дыйканчылык эл комиссары. 1946-ж. Тажик ССР тех. өсүмдүктөр министри. 1946—55-ж. Тажик ССР Мин. Советинин пред-ли. 1955—58-ж. СССР а. ч. министрнин орун басары. 1958—60-ж. Таж-и КП БКнын секретары. 1960—61-ж. Того Реси-касында СССРдин элчиси. 1961-жылдан Таж-и КП БКнын биринчи секретары. 1952—56-ж. КПСС Борб. текшерүү комиссиясынын мүчөсү. 1961-жылдан КПСС БКга мүчө. СССР Жог. Советине (2—10-шайл.) депутат. Сегиз Ленин ордени, Октябрь Революциясы ордени, башка 2 орден м-н сыйланган.

РАСУЛ РЗА [чын аты-жөнү — Расул Ибрагим оглы Рзаев; 6(19). 5. 1910-ж. т., Геокчай ш.] — азерб-н совет жазуучусу, Азерб-н эл акыны (1960). 1939-жылдан КПСС мүчөсү. 1935—37-ж. ВГИКте окуган. 1938—39-ж. Азерб-н жаз. союзунун пред-ли. 1945—49-ж. Азерб. ССРинин кинематография министри. 1965—76-ж. Азерб-н совет энциклопедиясынын баш редактору. Чыг-лары 1927-жылдан жарыялана баштаган. Р. Р.— «Олбос баатырлар» (1942), «Сүйүү жана каар» (1943) ж. б. ыр, ачгеме жыйнактарыныи, «Ленин» (1950) поэмасынын (СССР мамл. сыйл., 1951), «Вэфа» (1943-ж. коюлган), «Бир туугандар» (1956-ж. коюлган), «Закон» (1963) пьесаларынын автору. Ал чыг-ларында элдик поэтикалык салт м-н орус поэзиясынын жетишкендиктерин чебер айкалыштыра алат. Эсхил, Лопе де Вега, А. С. Пушкин, М. Ю. Лермонтов ж. б-лардын чыг-ларын азерб-нчага которгон. Чыг-лары көп тилге которулган. Азерб. ССР Жог. Советине (1, 3—7-шайл.) депутат. Эки Ленин ордени, «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Сечилмиш эсэрлэри, ч. 1—4, Баку, 1967—74; в рус. пер. — Весна во мне, Баку, 1962; Долгое эхо. Стихи и поэмы, М., 1970; Адам өмүрүнүн күнү, Фр., 1974.

Ад.: Алибекова Г., Всегда в пути. Жизнь и творчество Расула Рза, М., 1972; Вэлиjев М. вэ Хэлилов Г., Расул Рза, Баку, 1960.

РАТИФИКАЦИЯ (лат. ratus — бекитилген, facio — иштеймин дегенден) — өз өкүлү түзгөн эл аралык келишимди мамл. бийликтин жог. органынын бекитүүсү. Адатта маанилүү эл аралык келишимдер Р-ланат. О. эле Р-лоо зарылдыгы келишимдин өзүндө көрсөтүлсө да Р-ланат. Көпчүлүк мамлекеттин конституцияларында эл аралык келишимдерди Р-лоо укугу мамлекет башчысына же түздөн түз закон чыгаруучу жог. органга жүктөлгөн. Мис., СССР Конституциясында Р. укугу СССР Жог. Советинин Президиумуна же түз эле СССР Жог. Советине берилген. СССРдин эл аралык келишимдерин Р-лоо ж-а *денонсациялоо* закону 1978-ж. 6-июлда кабыл алынган. Ал закон б-ча СССР түзгөн тынчтык, агрессиядан өз ара коргонуу, өз ара кол салышпоо, кийин да кайрадан Р-лоо шарты коюлган ж. б. келишимдер Р-ланат. Р. ар мамлекет тарабынан Р-лык грамота м-н бекемделет. Анда Р-лоочу орган каран чыккандыгы, келишимдин тексти, мамлекеттин ал келишимди сактоосу көрсөтүлүп, кол коюлуп, мөөр басылат. Эки жактуу эл аралык келишим түзүүдө жактар Р-лык грамоталарды алмашат. Көп жактуу келишим б-ча анын Р-лык грамотасын ага катышкан мамлекеттер кандайдыр бир мамлекеттин (депозиторийге) сактоосуна берет.

В. В. Растрелли. Ленинграддагы Смольный монастыры. 1748—54.





М. Р. Раухвергер.



Рафаэль.



Д. Рафикова.

РАТУША (нем. Rat — кеңеш ж-а Haus — үй) — Европанын көпчүлүк өлкөлөрүндөгү шаар башкаруу мекемеси. Р. шаардын башкы аянтына курулуп, 2-кабатына кеңешме залы ж-а шаардыктарга кайрылыш сөз сүйлөөчү балкон жайгаштырылат. Р. шаардын өзүнчөлүгүнүн ж-а саясий эркиндигинин символу катары эсептелет. Бельгия, Нидерланд, ГДР, ГФР, Франция, Италия, Польша ж. б. өлкөлөрдө 13—17-к-дагы Р. сакталган. Эски Р-ларды Украина, Белоруссия ж-а Балтика боюндагы респ-калардан да учуратууга болот.

РАУЛЬ ЗАКОНУ — эритменин үстүндөгү эриткичтин каныккан буу басымынын эритменин составы м-н болгон байланышын көрсөтүүчү көз карандылык. Эриткичтин эритменин үстүндөгү каныккан буу басымы ар дайым таза эриткичтин буусунун басымына караганда төмөн болот. Анткени эриген заттын молекуласы эриткичтин концентрациясын азайтат. Ал заттын молдук үлүшүнө барабар: $(P_1^0 - P_1)/P_1^0 = N_2$, мында P_1^0 — таза эриткичтин каныккан буусунун басымы, P_1 — эритменин үстүндөгү эриткичтин каныккан буусунун басымы, N_2 — эриген заттын молдук үлүшү. Биринчи теңдемеден $P_1 = P_1^0 N_1$ келип чыгат. Мында N_1 — эритмедеги эриткичтин молдук үлүшү. Демек бардык эле темп-рада $P_1 < P_1^0$. Суюлтулган эритмелер үчүн кайноо темп-расынын жогорулашы ж-а тоңуу темп-расынын төмөндөшү эритменин моль концентрациясына (m) пропорциялуу $\Delta T_к = K_э \cdot m$, $\Delta T_т = K_к \cdot m$. $K_э$, $K_к$ — *эбулиоскопиянын* ж-а *криоскопиянын* туруктуу саны.

РАУХВЕ́РГЕР Михаил Рафаилович (5. 12. 1901-ж. т., Одесса ш.) — сов. композитор, пианист, проф. (1939). Кыргыз ССР эл арт. (1961), РСФСР-дин иск-вого эмг. сиң. ишмери (1974). П. И. Чайковский атн. Москва мамл. консерваториясын (фортепиано классы б-ча Ф. Блуменфелдден) бүтүргөн (1927). 1928—34-ж. Москва консерваториясында ассистент, доцент, проф. ж-а фортепиано кафедрасына башчы. Чыг-лыгын консерваторияда окуп жүргөндө баштап, балдар үчүн ыр, хорлорду («Октябряттар», 1926; «Чымчык жана айбаната тууралуу», 1927; «Оюнчуктар», 1936 ж. б.) жазган. Кырг-нга 1940-ж. келип, алгач «Кантың бар» (сөзү, обону Ш. Термечиковдуку), «Ой тобо», «Ак кептер» өңдүү элдик ырларды үн ж-а фортепиано, хор үчүн иштеп чыккан. Жомоктун негизинде «Көкүл» (В. Винников, О. Сарбагышев, 1942), «Жамыйла» (Ч. Айтматов, С. Богомазов, 1961) операларын, «Чолпон» (Л. Крамаревский, О. Сарбагышев, 1944) балетин, «Кыргыздын бий кайрыктары» (1949), «Ала-Тоо сүрөттөрү» (1953) симф. сюиталарын жазган. Булардан башка 500дөн ашык балдар ырын, хорун ж-а аспаптык чыг-ларды жараткан. О. эле муз. спектаклдердин, кинофильмдер үчүн музыканын автору. Ордендер, медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Корев Ю. М., Раухвергер и его балет «Чолпон», М., 1958; М. Р. Раухвергер, к-пте: Алагушов Б., Кыргыз композиторлору, Фр., 1964, 96—108-б.

РАФАЭЛЬ Санти [өз аты — Рафаэлло Санти (Санцио); 26 же 28. 3. (башка маалыматтар б-ча 6. 4). 1483, Урбино — 6. 4. 1520, Рим] — Кайра жаралуу доорундагы италян живописчиси ж-а архитектору. Живописчи Ж. Сантинин уулу. Италян живописчиси П. Перужинонун шакирти. Р-дин алгачкы («Рыцардын түшүү», Лондон, Улуттук гал; «Мадонна Конестабиле», Ленинград, Эрмитаж; экөө тең 1500—02-ж. чен) чыг-ларынан эле шыктуулугу байкалган. 1504-ж. Флоренцияга барып атактуу сүрөтчүлөрдүн чыг-ларын м-н таанышкан. Ал түзгөн алтардык образдар («Мариянын никеси», 1504; Милан, Брера гал.), о. эле энелик мээримге толгон мадонналар [«Мадонна Грандука», Флоренция, Палатин гал.; «Иоан Креститель жана наристе менен отурган мадонна» («Сулуу багбан»), 1507, Париж, Лувр; «Мадонна ди Фолинью», 1511—12-ж. чен, Ватикан] дацкын чыгарган. Р. 1508-ж. папа Юлий IIнин чакыруусу б-ча Римге келип, Ватикан сарай залдарын кооздогон. Анда бошт. идеалын, адамдын жердеги бактысын ж-а анын жаратылышынын, ички дүйнөсүнүн ар тараптан өнүгүүсүн дацктаган. Римде портретчи катары таланты жетигип, адам мүнөзүнүн өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөткөн портреттер [Юлий IIнин (1511-ж. чен), Б. Кастильонеинин (1515—16) ж. б-дын] жараткан. «Сикст мадоннасы» (1515—19; Дрезден, Сүрөт гал.) — Р-дин эң жетик чыгармасы. Өмүрүнүн акыркы жылдарындагы чыг-ларынан *маньеризм* багыты байкалат. Р. арх-рага да зор салым кошкон. Ватикандагы лоджиялуу сарайды, Римдеги ыйык Пётр соборун (1514) ж. б-ды курган.

Ад.: Алпатов М. В., Этюды по истории западно-европейского искусства, 2 изд., М., 1963, с. 75—116; Гращенко В. Н., Рафаэль, М., 1971.



Рафаэль. Марияга никө кыюу. 1504. Милан. Брера гал.

РАФИКОВА Дилорам (8. 3. 1940-ж. т., Ош обл., Араван р-ну, Чек-Абад кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1971). 1965-жылдан КПСС мүчөсү. 1955-жылдан Араван р-нундагы Жданов атн. к-здо колхозчу. 1960—65-ж. пахта жыйноочу машинада механик айдоочу, 1965-жылдан бригадага жетекчи. Ал башкарган бригада 1971-ж. гектарынан 55 *ц*ден пахта алып, 250 *тн*ы машина м-н жыйнаган. Кырг-н КП БКнын мүчөлүгүнө кандидат (1971). Кыргыз ССР Жог. Советинин (7—8-шайл.) депутаты. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, Октябрь Революциясы ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

«РАХВА ХЯЭЛЬ» («Эл үнү») — респ-калык газета, Эстония КП БКнын, Эстон ССР Жог. Советинин Президиуму м-н Мин. Советинин органы. 1940-ж. негизделген. Таллинде эстон тилинде жумасына 6 жолу чыгат. Тиражы 148 миң (1978).

РАХМАНИНОВ Сергей Васильевич [20. 3(1. 4). 1873, Онега чарбагы, азыркы Новгород обл., Новгород р-ну — 28. 3. 1943, Беверли-Хильс, Калифорния, соогу Нью-Йоркко жакын Валхаллга коюлган] — орус композитору, пианист ж-а дирижёр. Ак сөөк үй-бүлөдөн. 4—5 жашында фортепианодо ойноп билген. 1882-жылдан Петербург консерваториясынан, 1885-жылдан Москва консерваториясынан окуп, 1891-ж. фортепиано классын, 1892-ж. композиция классын (чоң алтын медаль м-н) бүткөн. «Алеко» операсы — дипломдук иши. 90-жылдарда жазган көрүнүктүү чыг-ларын: «Пьеса-фантазиялар», «Музыкалык моменттер» (1896), оркестр үчүн «Цыган темаларына каприччио» (1894), 1-симфония (1895), 20дан ашуун романс ж. б. 1897—98-ж. Москва орус операсынын, 1904—06-ж. Чоң театрдын дирижёру. 1900-жылдан пианист ж-а дирижёр катары Россияда ж-а чет өлкөдө концерт берген. 2-симфониясын (1907), фортепиано ж-а оркестр үчүн 2- ж-а 3-концертин (1901, 1909), «Өлүктөр аралы» симф. поэмасын (1902), «Сарац рыцарь» ж-а «Франческа да Римини» операларын (экөө тең 1904), сонаталар, 23 прелюдия, 17 этюд-картина жазган. 1917-жылдан Скандинавияда, 1918-жылдан АКШда жашап, негизинен концерттик ишин уланткан. 1941—42-ж. концерттен түшкөн каражатын Сов. Армияга берип турган. Р. 19—20-к-дагы эң көрүнүктүү композиторлордун катарында турат. Анын музыкасына обондуулук, гармониялык мотивдин оригиналдуулугу, улуттук форманын даналыгы ж-а романтикалык пафос мүнөздүү. Р. чебер пианист катары да белгилүү ж-а өз мезгилинин көрүнүктүү опера ж-а симфония дирижёру болгон.

Ад.: Понизовкин Ю., Рахманинов — пианист, интерпретатор собственных произведений, М., 1965; Брянцева В., Фортепианные пьесы Рахманинова, М., 1966; Воспоминания о Рахманинове, сост. З. Апетян, т. 1—2, 4 изд., М., 1974.

РАХМАТУЛЛИН Калим Ахмедович (окт., 1903, Токмок ш.— 12. 5. 1946, Фрунзе) — кыргыз совет ад-тчысы, коомдук ишмер. 1919-жылдан КПСС мүчөсү. Майда соодагердин үй-бүлөсүнөн. САКУнун экон. ф-тетин бүткөн (1931). 1925—27-ж. ВКП(б) БКнын О. Азия бюросунда, 1931—35-ж. «Кызыл Кыргызстан» газетасында, 1935-жылдан Кырг-н мамл. басмасында, Кыргыз пед. ин-тунда иштеген.

Адабий чыг-лыгын сынчы катары 1927-ж. баштаган. Р-дин кыргыз ад-тын сын м-н илимнин калыптанышына кошкон салымы чоң. Ал «Манас» эпосу, манасчылар, кыргыз ад-тынын өнүгүшү, кыргыз акын-жазуучуларынын чыг-лык жолу ж-дө көп макала, ил. ж-а публ. эмгек жазган. Алардын белгилүүлөрү: «Кыргыз совет адабиятынын очерки» (М. Богданова ж. б. м-н, 1943), «Улуу патриот — укмуштуу Манас» (1943), «Эл акыны Алымкул», «Мекен үчүн аттанган кыргыз эли» (1943). Анын Т. Сыдыкбеков м-н бирге жазган «Манас жана Алмамбет» деген пьесасы да бар. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

Эмг.: Айыл-кыштакта иштөө тууралуу, Фр., 1928; Айыл чарба ийримдери кандай иштөө керек, Фр., 1930; Манас — улуу патриот, «Советтик Кыргызстан», 1942, № 3, 23—32-б.; Жоомарттын чыгармачылык жолу, «Советтик Кыргызстан», 1944, № 8, 8—16-б.; Творчество манасчи, в кн.: «Манас» — героический эпос киргизского народа, Фр., 1968, с. 75—147.

Ад.: Токомбаев А., Калим Рахматуллин, «Кызыл Кыргызстан», 1946, № 7—8, 34—35-б.; Калим Рахматуллин, к-пте: Самаганов Ж., Советтик Кыргызстан жазуучулары. Био-библиогр. справочник, 2-бас., 1976, 439—41-б.

РАЦИОНАЛДУУ ФУНКЦИЯ өзгөрмө x ж-а эркибизче алынган сандар м-н чектүү сандагы арифм. амалдарды (кошуу, көбөйтүү, болуу) жүргүзүүнүн натыйжасында алынган функция. Р. ф. төмөнкүдөй жазылат:

$$R(x) = \frac{P(x)}{Q(x)} = \frac{a_0 x^n + a_1 x^{n-1} + \ldots + a_n}{b_0 x^m + b_1 x^{m-1} + \ldots + b_m},$$

мында $a_0 \neq 0$, $b_0 \neq 0$, a ж-а b — туруктуу сандар, n м-н m терс эмес бүтүн сандар.

РАЦИОНАЛДЫК САН — $\frac{m}{n}$ болчок түрүндө бериле турган сан, мында m, n бүтүн сандар ($n \neq 0$). m бүтүн саны $\frac{m}{1}$ түрүндө берилиши мүмкүн болгондуктан бардык бүтүн сандар Р. с. болуп эсептелинет. Р. с. м-н аткарыла турган негизги амалдар:

$$\frac{m}{n} = \frac{km}{kn} \ (k \neq 0); \quad \frac{m}{n} \pm \frac{p}{q} = \frac{mq \pm np}{nq};$$

$$\frac{m}{n} \cdot \frac{p}{q} = \frac{mp}{nq}; \quad \frac{m}{n} : \frac{p}{q} = \frac{mq}{np}.$$

Р. с. чектүү ондук же чексиз мезгилдүү болчок түрүндө берилиши мүмкүн.

РАЦИОНАЛДЫК ТУЮНТМА — радикалга эө болбогон алгебр. туюнтма, мис., $a^2 + b$, $x/(y - z^3)$. Эгерде Р. т-га кирген тамгаларды өзгөрмө десек, анда Р. т. ошол өзгөрмөнүн рационалдык функциясын берет.

РАЦИОНАЛИЗАЦИЯ (лат. rationalis — ак-сезимдүү дегенден) — өркүндөтүү, жакшыртуу, бир нерсени (мис., өндүрүштү) максатка ылайыктуу уюштуруу.

РАЦИОНАЛИЗМ (лат. rationalis — акыл-эстүү) — адам жүрүм-турумунун ж-а таанымынын негизи акыл-эс деп эсептеген филос. багыт. Р. иррационализмге, сенсуализмге карама-каршы. Термин 19-к-дан колдонулган. Р-дин булагы байыркы грек философиясынан баштапат. Мис., Парменид акыл-эсти акыйкаттын критерийи катары караган. 17—18-к-да Р. гносеологиялык бирдиктүү системага айланып, агартуучулардын идеологиясынын филос. булактарынын бири болгон. Кант м-н Гегелдин философиясында ал дагы терендетилген. 19—20-к-дагы бурж. философияда иррационализм үстөмдүк кылып, Р-ге каршы күрөшүүдө. Марксизм-ленинизм Р. м-н эмпиризмдин карама-каршылыгын диалек. материализмдин тааным теориясынын негизинде чечти. Тааным процесси сезим-туюу, баамдоодон баштап, абстрактуу ойлоону, практиканы кучагына алат.

Ад.: Маркс К., Фейербах жөнүндө тезистер, Маркс К., Энгельс Ф., Соч., изд. 2-е, т. 3; Ленин В. И., Философские тетради, изд. 2-е, М., 1947; Ленин В. И., Философские тетради, Фр., 1963; Маркс К., Энгельс Ф., Соч., изд. 2-е, т. 20, М., 1961; Ленин В. И., Материализм и эмпириокритицизм, Фр., 1963; Ленин В. И., Философские тетради, Фр., 1963; Маркс К., Энгельс Ф., Соч., изд. 2-е, т. 1, М., 1955, 38-т.; История философии, т. 1, М., 1957.

РАЦИОНАЛИЗМ (архитектурада) — азыркы илим м-н техниканын жетишкендиктерин программа б-ча өзүнө дөөлөтүрөт арх-ралык багыттардын жыйындысы (20-к-дын 1-жарымы). Кең мааниде «азыркы архитектура» деген түшүнүк м-н алмаштырылып жүрөт. Р. 19-к-дын аягында негизделип, 50-жылдары өнүккөн. 50-жылдардын аягында Р-дин кризиске учурашына арх-ралык ой жүгүртүүдөгү догматизм ж-а социал-реформачыл утопизм себепчи болду.



С. В. Рахманинов.



К. А. Рахматуллин.

Ад.: Хазанова В. Э., Советская архитектура первых лет Октября. 1917—1925 гг., М., 1970.

РАШИДА — алма сорту. Кыргыз ССР ИАнын Ботан. багында Э. З. *Гареев* чыгарган. Александр апорту м-н амер. Жонатан сортунан кыйыштырылып алынган. Дарагы жайылма шактуу, кышка чыдамдуу, түшүмдүү, илдет ж-а зыянкечке байымдуу. Мөмөсү чоң, тоголок, кабыгы жука, сары-гыч, кызгылт түстүү, салм. 250 *г*. Сулпу ак, ширелүү, даамдуу ж-а жыттуу. Р-ның гибриди даам жагынан Александр апортунан жогору.

РАШИДАДДИН, Рашид ад-дин Фазлаллах ибн Абу-ль-Хайр Хамадани (1247, Хамадан — 18. 7. 1318, Тебриз) — иран окумуштуусу, энциклопедист, тарыхчы ж-а мамл. ишмер. Кесипби б-ча врач. 1298-жылдан Газан хандын (1295—1304), кийин Улжайтухандын (1304—16) вазири болуп, 20 жыл мамлекет башкарууга катышкан. Газан хан реформаларынын демилгечиси. Монгол-түрк көчмөндөрүнө каршы күрөшкөн. Анын салык саясаты өлкөнүн экономикасын чыңдоого багытталган. Бийликте турган мезгилинде ири жер эөсине айланган. Улжэйту-ханга уу берди деген жалаа м-н өлтүрүлгөн.

Р.— ири тарыхчы, о. эле медицина, ботаника, энциклопедия, эстетика таануу, дыйканчылык ж-а курулуш техникасы, мусулман (суннит) теологиясы б-ча эмгектердин автору. Р-дин эмгектеринен «Жами ат-таварих» («Жыл баяндар жыйнагы») деген эки бөлүктөн турган китеби тарыхый мааниге ээ. Ал 13—14-к-дын башындагы Хулагилер мамлекетине кирген өлкөлөрдүн саясий ж-а социалдык-экон. тарыхын баяндаган. Анын дүйн. тарыхка арналган бөлүгүндө мусулман мамлекеттеринин монгол баскынчыларына чейинки, байыркы нудейлердин, Батыш Европа, Индия, Кытай ж. б. өлкө элдеринин тарыхы жазылган. Р. араб ж-а иран тарыхчылары сыяктуу мусулмандар тарыхын жазуу м-н чектелбестен, бардык элдердин, алардын ичинде уйгурлардын, кыргыздардын ж. б. түрк элде-



Ш. Р. Рашидов.

рининн тарыхын тарыхый булактардын негизинде жазган. Р-дин өз уулдары ж-а жакындары м-н алышкан каттары — Ирандын социалдык-экон. тарыхы б-ча маанилүү булак.

Ад.: Бартольд В. В., Туркестан в эпоху монгольского нашествия, Соч., т. 1, М., 1963, с. 92—96; Рашид ад-дин, Сборник летописей, т. 1, кн. 1—2, т. 2—3, М.—Л., 1946—60.

РАШИДОВ Шараф Рашидович [24.10(6. 11). 1917, Жызак ш., азыркы Өзбек ССРи] — сов. мамлекеттик ж-а парт. ишмер, өзбек жазуучусу. Эки жолу Соц. Эмг. баатыры (1974, 1977). 1939-жылдан КПСС мүчөсү. Дыйкан үй-бүлосүнөн. Самаркандагы Өзбек ун-тинин филология ф-тетин (1941), ВКП(б) БКга караштуу Жог. парт. мектепти (1948, сырттан) бүткөн. 1935-ж. Жызактагы педтехникумду бүтүрүп, орто мектепте мугалим. 1937—41-ж. Самаркан обл. «Ленин йолы» газетасында жооптуу секретарь, редактордун орун басары, редактор. 1941—42-ж. Сов. Армияда, 1943—44-ж. обл. газетанын редактору. 1944—47-ж. Өзб-н КП(б) Самаркан обкомунун секретары. 1947—49-ж. респ-калык «Кызыл Өзбекстан» газетасынын жооптуу редактору. 1949—50-ж. Өзб-н жаз. союзунун башкармасынын пред-ли. 1950—59-ж. Озбек ССР Жог. Советинин Президиумунун пред-ли ж-а СССР Жог. Советинин Президиумунун предлинин орун басары. 1959-ж. марттан Өзб-н КП БКнын биринчи секретары. КПССтин 19—25-съезддерине делегат. 1956-жылдан КПСС БКнын мүчөлүгүнө кандидат, 1961-жылдан КПСС БКнын мүчөсү. 1961-жылдан КПСС БКнын Президиумунун, 1966-ж. апрелден КПСС БКнын Саясий бюросунун мүчөлүгүнө кандидат. СССР Жог. Советинин (3—10-шайл.) депутаты. 1970-жылдан Президиум мүчөсү.

Р-дун алгачкы ырлар жыйнагы 1945-ж. «Каарым» деген ат м-н чыккан. Дың жерди өздөштүрүүдөгү элдин күрөшүн «Жеңип чыккандар» (1951) повестинде баяндаган. Кийин бул тема кеңейтилип, «Бороондон күчтүү» (1958) романында берилген. Ата Мек. согуш мезгилинде тылдагы элдин баатырдыгын даңазалаган «Кубаттуу толкундар» (1964) романын жазган. Р-дун «Кашмир баяны» (1956) романтикалык повести инди элинин эркиндик үчүн болгон күрөшүнө арналган. 1950-ж. «Тарыхтын чечими» аттуу публ. макалаларынын жыйнагы, 1967-ж. «Достуктун байрагы» китеби чыккан. Р-дун сын макалалары сов. ад-ттын актуалдуу проблемаларына арналган. Жети Ленин ордени, башка 4 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Бороондон күчтүү, Фр., 1960; Жеңип чыккандар, Фр., 1955; Кубаттуу толкундар, Фр., 1970; Идеологическая работа — мощный фактор борьбы за коммунизм, М., 1974.

РЕ — музыка добуштарынын бири. Диатоникалык до-мажор үн катарынын 2-баскычы. Тамгалай белгиси латынча D.

РЕ... (лат. re...) — сөз алды мүчө; төмөнкүдөй аракеттерди билдирет: 1) кайталануу, кайта башталуу же калыбына келүү (мис., *регенерация, реконструкция);* 2) сөздүн үшгусу берген маанисин карама-каршы, тескери (мис., *регресс);* 3) каршы (мис., *реакция).*

РЕАБИЛИТАЦИЯ (соңку лат. rehabilitatio — калыбына келтирүү) — 1) укугунан айрылган адамды укугуна кайра ээ кылуу; 2) медицинада оорунун, майыптыктын натыйжасында дене ж-а психикалык жактан начарлангандардын ден соолугун, эмгекке жөндөмүн калыбына келтирүүчү мед., пед., укуктук, кесиптик чаралар комплекси.

РЕАГЕНТТЕР — *химиялык реакцияларга* катышкан баштапкы затты туюнтуучу тех. термин. Р. *химиялык реактивдер* деген ат м-н лабор-ялык практикада кенен колдонулат.

РЕАКТИВДЕР, к. *Химиялык реактивдер.*

РЕАКТИВДҮҮ КҮЧ, реактивдүү сүйрөгүч — реактивдүү кыймылдаткычтын соплосунан чыккан газ (же башка жумушчу нерсенин) агымынын реакция (артка тебүү) күчү. Р. к. — жумуш аткаруучу нерсени (газды) чектеген кыймылдаткычтын жумуш аткаруучу бетине аракеттенүүчү газдын басым күчтөрүнүн тең аракеттенүүчүсү; ал соплонун огун бойлото ошол жумуш аткаруучу нерсенин агымына карама-каршы тарапка багытталат.

РЕАКТИВДҮҮ КЫЙМЫЛДАТКЫЧ — нерсени кыймылга келтирүүчү тартуу күчүн пайда кылуу үчүн алгачкы энергияны (жылуулук, хим., ядро, электр) жумуш аткаргыч реактивдүү агымдын кинетикалык энергиясына айландыруучу кыймылдаткыч. Р. к-тын негизги бөлүгү — күйүү камерасы. Жумуш аткаруучу затты ылдамдатып, реактивдүү агымды пайда кылуучу камеранын бөлүгү реактивдүү сопло деп аталат. Р. к-тын негизги мүнөздөмөлөрү: реактивдүү тартуу күчү; салыштырма импульсу — тартуу күчүнүн 1 *сек*да сарп кылынган реактивдүү отундун массасына катышы; кыймылдаткычтын салыштырма массасы — тартуу күчүнүн бирдигине туура келүүчү Р. к-тын массасы; габариттери ж-а ресурсу.

Баштапкы энергиянын булагына жараша Р. к. химиялык, ядролук, электрдик, күн Р. к. деп, ал эми жумуш аткаруучу затты пайда кылуу жолуна жараша аба-реактивдүү, ракеталык Р. к. деп айырмаланат. Аба-реактивдүү Р. к-та жумуш аткаруучу зат күйүүчү нерсени (отунду) абадан алынган кычкылтек м-н кычкылдандыруунун натыйжасында түзүлөт. Атмосферадан алынган аба жумуш аткаруучу заттын негизги массасын түзгөндүктөн аба-реактивдүү кыймылдаткыч үнөмдүү, узакка иштейт да, чоң ылдамдыкта учуучу аскер ж-а граждандык авиацияда кеңири колдонулат. Ракеталык Р. к. жумуш аткаруучу заттын бардык компоненттеринин учуучу аппараттын өзүндө болушун талап кылат. Ошондуктан ал айлана-чөйрөгө көз каранды эмес, космосто иштөөгө эң ыңгайлуу. Р. к-тын иштөө принциптери байыртан эле белгилүү.

Кургак отундуу (кара дары) ракета кыймылдаткычтары Кытайда б. з. 10-к-нда пайда болгон. 1903-ж. К. Э. *Циолковский* «Дүйнө мейкиндигин реактивдүү приборлор м-н изилдөө» деген эмгегинде дүйнөдө биринчи болуп суюк отундуу ракета кыймылдаткычтар теориясынын негизги жоболорун баяндаган. Р. к-тын теориялык маселелерин иштеп чыгууда Н. Е. *Жуковский,* И. В. Мещерский, Б. С. Стечкиндин, ал эми конструкцияларын түзүп, учуруп сыноодо В. П. *Глушко,* А. М. Люлька, Р. Годдардын салымы зор.

РЕАКТИВДҮҮ ЛАМПА — чыгыш каршылыгы электр тизмегинин схемасына жараша реактивдүү (сыймдуулуктуу же индукциялуу) мүнөздө болгон электр-вакуумдуу лампа. Р. л. термелгич контурга жарыш туташтырылган башкарылма каршылык катары иштейт. Лампанын реактивдүү мүнөздөгү эквиваленттик каршылыгы аноддук чыңалууну 90°ка буруучу электр тизмеги аркылуу башкарылма торго чыңалууну берүүнүн натыйжасында пайда болот. Бул үчүн анод м-н башкарылуучу тордун ортосундагы тизмектин каршылыгы башкаруучу тор м-н катоддун ортосундагы каршылыкка караганда алда канча көп болушу зарыл. Мындай учурда бул эки каршылыктын бирөө активдүү, экинчиси реактивдүү болуш керек. Р. л. аз кубаттуу генераторлордун жыштыгын жөндөөчү түзүлүштөрдө, термелүүнүн жыштык модуляциясын алуу ж. б. үчүн колдонулат.

РЕАКТИВДҮҮ ОТУН — авиациялык реактивдүү кыймылдаткычта күйүүчү суюктук. Р. о. катары нефтиден алынган керосин фракциялары көп колдонулат. Жог. термдик туруктуу отундарды ажыратып алуу үчүн адегенде кайра буулантуунун фракциялары тазартылат. Р. о-дун маанилүү көрсөткүчү — күйүү жылуулугу ж-а тыгыздыгы. Р. о. термдик жактан туруктуу болуу керек. Себеби үндөн ылдам учуучу самолёттордо бактагы отун 150—200°Сге чейин ысышы мүмкүн. Р. о-дун термдик туруктуулугун жогорулатуу үчүн аралашмалардан (азоттуу, күкүрттүү, кычкылтектүү бирикмелерден) тазартылат (мис., суутек м-н) ж-а атайын заттар кошулат.

РЕАКТИВДҮҮ СНАРЯД — реактивдүү кыймылдаткыч м-н бутага жеткирүүчү снаряд. Реактивдүү артиллерияда колдонулат. СССРде калибри 37 *мм*ден 300 *мм*ге чейинки Р. с-дар түзүлгөн. Арналышына жараша Р. с. чачырама-жарылма, кумулятивдүү, күйгүзмө, түтөтмө ж. б. болуп бөлүнөт. Р. с-да отун катары нитроглицериндүү кара дары пайдаланылат. Кара дары дүрмөтү пиропатрон ж-а электр от алдыргыч м-н тутандырылат. Снарядды арт жагындагы капчалары Р. с-дын туруктуу учушун камсыз кылат. Р. с. траекториясы активдүү (реактивдүү кыймылдаткыч иштейт) ж-а пассивдүү (снаряд эркин учат) болуктордон турат. Артиллериялык замбиректен атканда учуу аралыгы 25—100%ке чейин арта турган активдүү Р. с-дар да бар.

РЕАКТОР (*ре...* ж-а лат. actor — аракеттенүүчү, аракетке келтирүүчү), 1) химиялык Р.— хим. реакция жүргүзүлчү аппарат. Ө. ж-да Р. түрдүүчө аталат (колонна, камера, автоклав ж. б.). 2) Электрдик Р.— *чукул туюкталууда* ток күчүн чектөөчү ж-а кубаттуу электр тармак тарабындагы электр чыңалуусун белгилүү деңгээлде кармап туруучу индукциялуу түрмөк. Р-дун индукциялуу каршылыгы нагрузканын индукциялуу каршылыгынан кыйла аз болгондуктан тизмекке ток булагы м-н нагрузканын ортосуна удаалаш туташтырылган электр Р-у тизмектеги ток күчүнө таасирин дээрлик тийгизбейт; электр берүү линиядагы чукул туюкталууда Р. ток күчүн көбөйтпөйт. Р. чыңалуусу 6—35 *кв* болгон электр тармактарында колдонулат. 3) Биологиялык (ферментёр) Р.— микроорганизмдерди азыктандыруу чөйрөдө ж-а стерилдик шартта өстүрүү м-н түрдүү биол. продуктулар алынуучу аппарат. 4) Ядролук Р.— оор элементтердин ядролорун эркин нейтрондор м-н бөлүүнүн башкарылуучу уланма реакциясы жүргүзүлүүчү түзүлүш.

РЕАКЦИЯ (психологияда) — белгилүү бир таасирге, себепке жооп иретинде пайда болгон жүрүм-турум аракети; берилген сигналга жооп берүүчү ыктыярдуу кыймыл. Астрономдордун меридиан аркылуу өтүүчү жылдыздарды кабылдашы ж-а эске тутуму ар кыл боло тургандыгы байкалгандан кийин Р-ны изилдөө зарылдыгы туулган. Муну ачкан Ф. Бессель (1823) эксперимент жүргүзүп, дүүлүктүргүчкө адамдын Р. кылуу убактысын ченеген. Р. жасоонун ылдамдыгын, интенсивдүүлүгүн, формаларын ченөө психологиянын психометрия деген тармагынын, о. эле изилдөөнүн атайын ыкмасы — Р. методунун келип чыгышын шарттаган.

РЕАКЦИЯ (*ре...* ж-а лат. actio — кыймыл) — 1) кандайдыр бир кыймыл-аракетке, көрүнүшкө жооп иретинде пайда болгон кыймыл, абал, процесс. 2) Хим., физ. же биол. таасир берүү жолу м-н экспериментти изилдөө, белгилүү шарт түзүү.

РЕАКЦИЯ (саясатта) — коомдук прогресске каршы чыгып, эскирген, жарамсыз коомдук тартипти сактоого ж-а бекемдөөгө кызмат кылган саясий режим. Р. демейде рев-ячыл кыймылга каршы чыгуудан, демокр. укуктарды ж-а эркиндикти кысымга алуудан, эмгекчи элди экон. ж-а саясий жактан эзүүнүн күчөшүнөн, прогрессчил саясий ж-а коомдук ишмерлерди куугунтуктоодон, расалык ж-а улуттук дискриминациядан, тышкы саясаттын агрессиячылдыгынан көрүнөт. Р-нын жеткен чеги — фашизм.

РЕАКЦИЯ (химияда), к. *Химиялык реакциялар.*

РЕАКЦИЯ КАТАРЫ — хим. кинетиканын түшүнүгү. Р. к. төмөнкү теңдемедеги n_1 ж-а n_2 даражалардын көрсеткүчтөрүнүн суммасы катары аныкталат: $r = K\,[A_1]^{n_1}\,[A_2]^{n_2}$. Бул теңдеме реакциянын ылдамдыгынын (r) алынган заттардын концентрациясына $[A_1]$ ж-а $[A_2]$ көз карандылыгын көрсөтөт (K — ылдамдыктын константы). Жөнөкөй реакцияларда бир тараптa жүргөн реакциянын ылдамдыгы жог. теңдемеге баш нет, ал эми n_1 м-н n_2 реакцияга катышкан A_1 ж-а A_2 заттардын молекуласынын санына барабар болот.

РЕАКЦИЯ ЫЛДАМДЫГЫ — *химиялык реакциялардын* ургаалдуулугун мүнөздөөчү чондук. Р. ы. өз ара аракетке кирген заттардын концентрациясынын убакыт бирдигинде өзгөрүшү м-н белгиленет. Заттардын сапы адатта *моль* м-н өлчөнөт. Мис., $N_2 + 3H_2 = 2NH_3$ реакциясында азоттун сарп болуш ылдамдыгына караганда суутектин сарп болуу ылдамдыгы үч эсе, ал эми аммиактын пайда болуш ылдамдыгы эки эсе тез болот. Демек заттардын реакциясынын негизинде пайда болуш ылдамдыгынын же алынган заттын сарп болуу ылдамдыгынын тиешелүү стехиометрлик коэффициентке катышы Р. ы. болот. Р. ы. ар түрдүү тездикте жүрөт. Мис., кээ бир геол. процесстерде млн жылдарга, пондук реакцияларда *сек*нын млн-дон бир үлүшүнө барабар.

РЕАЛДУУ ГАЗ — касиети жагынан молекулалардын өз ара аракеттенишине көз каранды болгон газ. Кадимки шартта молекулалардын өз ара аракеттенишинин орт. потенциалдык энергиясы алардын орт. кинетикалык энергиясынан аз болгондо Р. г. касиети *идеалдуу газдын* касиетинен бир аз гана айырмаланат.

РЕАЛДУУЛУК (лат. realis — чыныгы) — болмушта бар перселер. Диалек. материализмде Р. эки мааниде колдонулат: 1) объективдүү Р., б. а. материянын бардык түрү. Мында Р. субъективдүү Р-ка, б. а. аң-сезим кубулуштарына кайчы коюлат; 2) бардык кубулуштар, б. а. материалдык дүйнө ж-а анын аң-сезимде чагылышынын натыйжалары.

Диалек. матер. б-ча кубулуштардын, перселердин, алардын касиеттеринин ж. б. реалдуулугунун критерийи — адамзаттын коомдук, анын ичинде ил. эксперимент ж-а тех. практикасы.

РЕАЛДЫК БИЛИМ (ТААЛИМ) БЕРҮҮ — классикалык билим (таалим) берүүдөн айырмаланып, байыркы классикалык тилдер үйрөтүлбөй, башкы орунга табигый, физ.-матем. илимдердин, жаңы тилдердин негиздерин окутуу коюлган жалпы орто билим берүү системасы. Р. б. (т.) б. 18-к-да капитализмдин өнүгүшүнө байланыштуу калыптанган. Балдарды күндөлүк турмушка даярдаган, табигый илимдердин негизин үйрөткөн билим (таалим) берүү талабы коюлган. Муну Я. А. Коменский, бөтөнчө 18-к-дагы франц. материалисттер колдогон. Россияда 19-к-дын 60-жылдары реалдык гимназиялар, окуу жайлары уюштурула баштаган. Р. б. (т.) б. бир катар өлкөнүн (Австрия, Италия, Франция ж. б.) элге билим берүү системасында колдонулат.

РЕАЛИЗАЦИЯ (соңку лат. realis — буюмдата, чыныгы) — 1) кандайдыр бир планды, долбоорду, программаны, ниетти жүзөгө ашыруу; 2) экономикада товардын сатылышы, баалуу кагаздын же мүлктүн акчага айланышы ж. б.

РЕАЛИЗАЦИЯ ПАЙДАСЫ — продукция сатуудан, аткарган иш же кызмат үчүн ишканага түшкөн акчалай киреше. СССРде Р. п.— ишканын акчалай кирешесинин негизги булагы, белгилүү мезгилдин (жыл, квартал, ай) ичиндеги өндүрүш ишинин натыйжасы. Пайда өлчөмү сатылган продукциянын санына, ассортиментти м-н сапатына, о. эле дүң баа деңгээлине жараша болот. Продукцияны өз убагында жөнөтүү, маалында эсептешүү пайданын түшүшүнө таасирин тийгизет. Р. п. ишканадагы дүң баага ылайык планда штырылат. Ал негизги көрсөткүч катары өндүрүш м-н жүгүртүү чөйрөсүнүн ич. ара байланышын чындайт, өндүрүш ж-а өткөрүү чыгымынын ордун толуктап турат, к. *Продукция реализациялоо.*

Ад.: Финансы предприятий и отраслей народного хозяйства, коллектив авторов, под ред. Н. Г. Сычева, М., 1967.

РЕАЛИЗМ (адабият м-н иск-водо) — көркөм чыг-лыктын тигил же бул түрүнө тиешелүү өзгөчө каражаттар аркылуу турмуш акыйкатын объективдүү, туура чагылдыруу методу. Иск-вонун тарыхый өнүгүү жолунда Р. белгилүү чыг-лык методдордун (к. *Көркөм метод)* айкын формаларына ээ болот. Мис., агартуучул Р., сынчыл Р., соц. Р. Бул методдор бири

бирин улантуу жагынан өз ара байланышка ж-а бөтөнчөлүктөрго ээ. Ф. Энгельстин «деталдардын ишенимдүүлүгү менен бирге типтүү мүнөздөрдү типтүү кырдаалдарда чагылдыруу» деген аныктамасы түздөн түз 19-к-дын ад-тына гана тиешелүү, бирок ал жалпы эле Р-дин өзгөчөлүгүн да туура мүнөздөйт. Демек, Р. социалдык турмушту ж-а адамдын сыпатын коомдук мамилелер м-н ажырагыс биримдикте изилдейт. Бул учурда Р-дин борборунда турмуштагы негизги закон ченемдер туруп, чындыкка объективдүү түрдө таандык болчу белгилер толук камтылат. Натыйжада иск-вонун социалдык, таанымдык милдеттерин аткарышына ыңгайлуу шарт түзүлөт. Бул жагдай Р-дин бир жагынан романтизмден, экинчи жагынан натурализмден айырмалап турат. Турмуш кубулуштарын ирген алуу, баалоо, аларды тип катары көрсөтө билүү художниктин дүйнөгө көз карашына, доордун алдыңкы көйгөйлөрүн таамай кармай билүүсүнө көз каранды келет. Ушундан улам Р. художниктен турмуш кубулуштарын өзүнчө, тарыхый перспективада сүрөттөп көрсөтүү талап кылынат. Ад-тта Р-дин бир катар маанилүү белгилери *Кайра жаралуу* доорунда, биринчи иретте М. *Сервантестин*, У. *Шекспирдин* чыг-ларынан, асыресе алардын мүнөздөрдү сүрөттөп берүү ыгынан көрүнгөн. Бирок Р. белгилери о. к-лымдын башындагы ад-тта, а түгүл коомдук аң-сезимдин бир формасы катары калыптанган иск-вонун эң алгачкы этаптарында эле пайда болгон. Анын ылдам темпте өнүгүш процесси бурж. коом пайда болгондо, айрыкча 18-к-да башталган, б. а. бул мезгилден тартып ад-т демократташып, мурдагыдай феодал төбөлдөрүнүн турмушун, идеалдарын чагылдырбастан, орточо тиричилик кылган көпөстөрдүн, жоокерлердин, шаардыктардын күнүмүз тиричилигин сүрөттөй баштаган. 18-к-дын Р-н агартуучул идеологиянын духуна каныккан. Анын маанилүү туундулары — англис (Д. Дефо, С. Ричардсон, Г. Филдинг, Т. Смоллет, Л. Стери), француз (Д. Дидро, Ж. Ж. Руссо), немец (И. В. Гёте) реалисттик романдары. Р-дин табияты 19-к-дын ортосунда бир топ өзгөрүүгө учураган. Маселен, Стендаль, Бальзак, Диккенстин чыг-ларында адам оор шарттарга каршы туруугa жарамдуу келсе, ушул эле кылымдын экинчи жарымында У. Теккерей, Г. Флобер ж. б-нын чыг-ларында негизинен жеке адамдын турмуштан кол үзүшү, чечкиндүүлүктөн баш тартышы, эрктин мокошу көрсөтүлгөн. Бирок бул сыяктуу көрүнүштөргө Улуу Британияда, айрыкча Россияда бийик адамгерчиликтин салтанаты, гумандуу идеалдар үчүн күрөш каршы турган. Н. В. Гоголь Россиянын жер эолик-крепостнойлук түзүлүшүн акыйкат сындап, анын кризисин көрсөткөн. Л. Толстойдун ж-а Ф. Достоевскийдин чыг-ларындагы филос.-проблематиканын тереңдиги, социалдык турмуштун кеңири камтылышы, «көр болуш, ыза көргөндөрдүн» тагдырына ортоктош болуу мамилеси психол. талдоонун кылдаттыгы бул жазуучулардын өзүн да, орус ад-тын да 19—20-к-дагы Р-дин алдыңкы сабына алып чыккан.

19-к-дын 80-жылдары А. П. Чеховдун чыг-ларында Р-дин жаңы формалары жаралып, сүрөттөөнүн бийик деңгээлине көтөрүлгөн. 19-к-дын акыры — 20-к-дын башында Батышта Р. Роллан ж-а Россияда М. Горький өз чыг-ларында объективдүү Р-дн гуманисттик пафос м-н айкаштырып, алдыңкы коомдук-саясий көйгөй м-н тогошкон социалдык турмуштан ж-а активдүү гуманизмден түбөлүктүү маселелердин чечилишин изилдешкен. М. Горькийдин чыг-лыгы демократчыл Р-дин алкагына сыйбай, кеңири чөйрөнү камтып, дүйн. иск-вонун өнүгүшүндөгү жаңы этап болгон *социалисттик реализмди* негиздеген.

Кыргыз ад-тында Р-дин айрым туу белгилери байыркы убактарда эле оозеки ад-ттын үлгүлөрүндө, асыресе «Манас» баш болгон баатырдык эпостордо, уламыштарда, мифтерде жарала баштаган. Бирок чыныгы Р-дин салттарын терең үйрөнүү, аны чыгылыкта колдонуу Окт. рев-ясынан кийин гана ишке ашты. Жазма ад-ттын жаралышы м-н кыргыз ад-ты бооордош элдердин, асыресе орус классикалык ад-тынын жагымдуу таасири м-н Р-дин эстетикалык принциптерин өздөштүрдү ж-а өөрчүттү. Бул айрыкча кыргыз жазма ад-тын баштоочулар А. Токомбаев, К. Баялинов, Т. Сыдыкбеков, М. Элебаевдердин чыг-ларынан даана көрүнөт. Кыргыз ад-тындагы Р-дин бийик жери — Ч. Айтматовдун чыг-лары.

Сүрөт өнөрүндө сынчыл Р. өз алдынча чыг-лык агым катары 18-к-дан башталат. Адамдын чыныгы көп жактуу өзгөчөлүгүнө кызыгуу классицизм доорунун (Францияда Ж. Л. Давид, Ж. О. Д. Энгр) портреттеринен байкалат. Р-дин калыптануусунда Ф. Гойянын чыг-лыгы өзгөчө орун ээлейт. 18-к-дын акыры — 19-к-дын башында сүрөт өнөрүнүн өнүгүүсүндө портрет, турмуш-тиричилик ж-а пейзаж жанрында реалисттик тенденциялардын андан арыы бекемделиши байкалды. Францияда Т. Жерико м-н Э. Делакруа тикеден тике натурага, турмуш чындыгынын татаал конфликтерине кайрылышкан. Өз мезгилинин көп жактарын чоң драматизм м-н ачкан О. Домьенин чыг-лыгы ушул негизде өскөн. К. Коро ж-а барбизон мектебинин чеберлери (Т. Руссо, Ш. Ф. Добиньи ж. б.) жаратылыштагы эң жөнөкөй көрүнүштөрдү элестүү тартып, реалисттик пейзаждын өнүгүшүнө жаңы багыт беришкен. Россияда 19-к-дын 1-жарымында Р. тенденциялары О. А. Кипренский, В. А. Тропининдин портреттеринен, дыйкан турмушун чагылдырган А. Г. Венециановдун картиналарынан, С. Ф. Щедриндин пейзаждарынан ачык көрүнөт. Россияда Р-дин принциптери К. П. Брюлловдун чыг-ларында натураны тикеден тике изилдөө м-н катар филос. жалпылаштыруруга чейин көтөрүлгөн А. А. Ивановдун «кичине адамдын» турмушун баяндап, крепостчул Россиянын аден-ахлагына сынчыл баа берген П. А. Федотовдун чыг-ларына мүнөздүү. П. А. Федотовдун чыг-ларындагы ашкерелөө пафосу 19-к-дын 2-жарымында орустун демократчыл Р-ине жол ачты. Сынчыл Р. Германияда бидермейерлердин иск-восунда, Польшада П. Михаловскийдин чыг-ларында, Улуу Британияда Ж. Констеблдин реалисттик пейзаждарында калыптанат. 19-к-дын 2-жарымына чейин Р. ар түрдүү улуттук ж-а стилдик багыттарда өнүгүп, жалпы мүнөздүү белгилери аныкталат: чындыкты чагылдырууда тарыхый конкреттүүлүк, каарман жашаган айлана-чөйрөнү жакшылап изилдөө, күнүмдүк жашоонун эстетикалык касиетин ачуу ж. б. Сынчыл Р-дин принциптери Франция м-н Россиянын живописинде ачылган. Г. Курбенин, дыйкан турмушунун ырчысы Ж. Ф. Милленин, актуалдуу темаларды козгогон Э. Маненин, ж. б. импрессионисттердин чыг-ларында Р-дин жаңы өзгөчөлүктөрү ачылат. Орус реалист чеберлери көчмө көргөзмө тобуна (В. Г. Перов, И. Н. Крамской, И. Е. Репин, В. И. Суриков, Н. Н. Ге, И. И. Шишкин, А. К. Саврасов, И. И. Левитан ж. б.) биригишет. Окт. рев-ясынан кийин Р. салттары соц. Р. иск-восунун калыптанышынын бир булагы болду. 20-к-да реалисттик тенденциялар учурдун социалдык-саясий көйгөйлөрүнө жараша жаңы каражаттар, образдык чечилиштерге ээ болуп, соц. реализм методун өздөштүрүп жаткандыгына Ф. Мазереддин (Бельгия), Д. Ривера м-н Д. Сикейрос (Мексика), А. Рефрежье (АКШ), А. Фужерон (Франция), Р. Гуттузонун (Италия) чыг-лары күбө болуп турат.

Музыкадагы Р. тенденциялары Кайра жаралуу доорунда пайда болуп, барокко ж-а классицизм музыкасында өнүккөн. Ф. Шуберт, Р. Шуман, Ф. Шопен, Г. Берлиоз, Ф. Лист музыканын мүнөзүн тереңдетип, улуттук ж-а тарыхый тактыгын күчөткөн. Ал эми Ж. Бизе («Кармен»), Ж. Верди («Отелло») ж. б. терең мазмундуу психол. көп кырдуу образдарды түзүп, батыш европ. музыкада Р-дин өз алдынча чыг-лык метод болушуна көмөк берген. Мындан мурдараак Р. методу орус музыкасында А. Даргомыжский («Суу периси»), М. Глинканын («Иван Сусанин») чыг-ларында калыптанган. Музыкадагы Р-дин туу чокусу — «Кубаттуу топ» композиторлорунун ж-а П. И. Чайковскийдин чыг-лары. Муз. Р-дин бул жетишкендиктери 20-к-дын 20-жылдарында соц. Р-дин калыптанышына ж-а өнүгүшүнө негиз болгон.

Ад.: Днепров В., Проблемы реализма, Л., 1960; Петров С. М., Реализм, М., 1964; Конрад Н. И., Проблема реализма и литературы Востока, в его кн.: Запад и Восток, 2 изд., М., 1972; Реализм и художественные искания XX века, Сб. ст., М., 1969; Сучков Б., Исторические судьбы реализма. Размышления о творческом методе, 3 изд., М., 1973; Мотылёва Т., Достояние современного реализма, М., 1973; Фарбштейн А., Теория реализма и проблемы музыкальной эстетики, Л., 1973; Бобулов К., Пути развития реализма в киргизской прозе, Фр., 1969; Асаналиев К., Корком бийиктиктер, Фр., 1975; Жигитов С., Жаңычылык жолунда, Фр., 1975; Аскаров Т., Восхождение к зрелости, Фр., 1978.

РЕАЛЬГАР (ар. рахдж аль гхар—үңкүр чаңы) — минерал. Хим. формуласы AsS, моноклин системасында кристаллдашат. Оңу кызгылт, сары, чанда кочкул кызыл, алмаз сымал жылтырайт. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 1,5—2; салышт. салм. 3,4—3,6. Р. гидротерм кендеринде аурипигмент, антимонит, коргошун, цинк ж-а алтын м-н бирге кездешет. Р.— мышьяк рудасынын негизги минералы.

РЕАНИМАТОЛОГИЯ *(реанимация ж-а ...логия)* — медицинанын организмдин функцияларынын начарлашын ж-а аларды калыбына келтирүүнүн негизги закон ченемдерин изилдөөчү тармагы. Өлүп баратkан адамды тирилтүү максатында кан куюу, кан алуу, жүрөктүн тушун укалоо байыртан эле колдонулган. 16-к-дын ортосунда А. Везалий жаныбарларга тажрыйба жасап, камыш түтүгү аркылуу жасалма дем алдырган. Р. медицинанын өзүнчө ил.-практикалык бөлүгү катары 20-к-дын ортосунда пайда болгон. Ага кан агуунун ж-а оорунун патыйжасында пайда болгон *шокту* изилдөө, экинчи дүйн. согуштагы жарадарларды дарылоо тажрыйбалары, патологиялык физиология, көкүрөк хирургиясы, *анестезиология*, *фармакология* илимдеринин өнүгүшү түртүү берди. СССРде Р-нын өнүгүшүнө С. С. Брюхоненко, В. А. Неговский ж. б-нын эмгектери м-н байланыштуу. Р. дем алуу м-н кандын айланышын тийиштүү даражада кармоочу, организмде ар кандай системалардын функцияларынын өзгөрүшүн сигналдоочу аппараттарга таянат (к. *Жасалма кан айландыруучу аппарат*). Клиникалык Р. калкты мед. тез жардам көрсөтүүнүн методдору ж-а интенсивдүү дарылоо борборлорунун уюштурулушу м-н тыгыз байланышта өнүгүүдө. СССРде Р. м-н анестезиология медицинанын комплекстүү тармагы болуп биришкен.

Ад.: Неговский В. А., Актуальные проблемы реаниматологии, М., 1971; Пулатов А. Т., Реанимация детей, Душанбе, 1975.

РЕАНИМАЦИЯ *(ре...* ж-а лат. *animatio* — тирилтүү) — *клиникалык өлүм* абалындагы адамды тирилтүү үчүн колдонулган же дарттын күчөшүнөн организмдеги орчундуу органдарды калыбына келтирүү максатында жасалган чаралар. Р-да электрон аппараттары (дефибриллятор, электростимулятор), хирургиялык ыкмалар *(трахеотомия*, кан тамырларды пункция жасоо), түрдүү дарылар ж. б. колдонулат. Р. жардамын атайын бригадалар көрсөтөт. Р-нын толук комплекстүү чаралары ири шаардык, обл. ооруканалардагы адистештирилген атайын ж-а интенсивдүү терапия бөлүмдөрүндө ишке ашырылат, к. *Реаниматология*.

Ад.: Савельева Г. М., Реанимация новорождённых, М., 1973.

РЕБИНДЕР Пётр Александрович [21. 9(3. 10). 1898, Петербург — 12. 7. 1972, Москва] — сов. физ.-химик, СССР ИАнын акад. (1946; корр. мүчө, 1933), Соц. Эмг. Баатыры (1968). МГУнун физ.-матем. ф-тетин бүтүргөн (1924). 1935-жылдан СССР ИАнын Коллоиддүү электр химия ин-тунун дисперстүү система бөлүмүнө, 1942-жылдан МГУнун коллоиддик химия кафедрасына (бир мезгилде) башчы. Негизги эмгектери дисперстүү системанын пайда болушуна, туруктуулугу м-н бузулушуна, беттик кубулуштары ж-а структуралык түзүлүшүнө ж. б-га арналган, физ.-хим. механика б-ча маанилүү эмгектерди жаратkан. СССР мамл. сыйл. (1942) лауреаты. Эки Ленин ордени, 2 башка орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

РЕВАКЦИНАЦИЯ, к. *Эмдөө*.

РЕВАЛЬВАЦИЯ — өлкөнүн акча бирдигинин алтын кунун (паркын) көтөрүү же валюта курсун жогорулатуу. Капит. өлкөлөрдүн экономикасын мамл. монополисттик ык м-н жөнгө салуу чараларынын бири. Р. *инфлядевальвацияга* каршы колдо, *инфлядевальвацияга* жол бербөө үчүн пайдаланылат. Р. жүргүзгөн өлкөнүн валюта курсу башка өлкөлөрдүкүнө караганда жогорулатылып, экспорттолуучу товарлардын баасы кымбаттайт да, товар экспорттоо тартылат. Импорттолуучу товарлардын баасы арзандап, алардын отүмдүүлүгү күчөп, импорт көбөйөт. Валюта кунун кымбаттатуу учурундагы акча катнашы чет өлкөлүк менчик ээлеринин капитал жумшоо чөйрөсүн азайтса, валютасын Р-лаган өлкө үчүн капиталды четке чыгарууга ыңгайлуу шарт түзүлөт.

РЕВАНШ (фр. revanche — жаза тартуу, кек алуу) — жеңилген тараптын өзүнө жасаган тартышы; жеңген тарапка үстөмдүк кылуу үчүн жеңилген тараптын кайрадан баштаган күрөшү; оюнда — кайра жандыруу.


РЕВАНШИЗМ *(реванш* сөзүнөн) — согушта жеңилген өлкөнүн шовинисттик чөйрөсүнүн саясаты. Ал согушка чейинки чек араны ж-а мамлекет аралык мамилени калыбына келтирүү шылтоосу м-н жаңы согушту даярдоого багытталат.

РЕВЕЛЬ — *Таллиндин* мурдагы аты.

РЕВЕРБЕРАТОР — радио берүүлөрдү, телекөрсөтүүлөрдү үн м-н коштоодо ж-а үн жазууда колдонулуп, үндү жасалма жол м-н басаңдаткыч түзүлүш. Үн информациялуу электр сигналы Р-дун киришине берилет. Р. ал негизги сигналды убакыт б-ча кечиктирилген ж-а амплитудасы улам азайма ырааттуу сигнал м-н бириктирилет. Үндүн басаңдаш (реверберация) убакыты үн чыгуу мүнөзүнө жараша болот; көп учурда ал 0,8—1,5 *секдан* 5—8 *секга* чейинки пределде тандап алынат. Иштетилген сигнал Р-дун чыгышынан үн угузуу же жазгыч түзүлүшкө берилет. Р. үндүн кадимки өзүндей угулушун камсыз кылат. Р-дун магниттүү, такталуу, пружиналуу түрлөрү көбүрөөк колдонулат. Өзгөчө магниттүү Р.— амбифон имараттын акустикалык мүнөздөмөлөрүн жакшыртуу үчүн пайдаланылат.



П. А. Ребиндер.



1-сүрөт. Магнит реверберatorунун түзүлүш схемасы: ҮДЖ — үн деңгээлин жөнгөчү; ЖЖГ — жогорку жыштыктуу генератор; $B_{эр}$ — өчүргүч магнит борбу; ЖК — жазууну күчөткүч; B_0 — жазгыч магнит борбу; УК$_1$, ..., УК$_4$ — үндү кайра күчөткүч; B_1, ..., B_4 — үндү кайра угузгуч магнит борбу; Л — магнит тасмасы; R_0, ..., R_4 — резисторлор: l_1, ..., l_4 — жазгыч ж-а үндү кайра угузуу борбун арасындагы аралык.

РЕВЕРБЕРАЦИЯ (лат. reverbero — ыргытам) — жабык бөлмөдө үн чыгарууу басылгандан кийин үндүн дагы угулуп (жаңырык), акырындап басаңдоо кубулушу. Бул чагылган ж-а таралган үн толкундарынын белгиленген чекитке кечигип жеткендиги м-н түшүндүрүлөт. Бөлмодогу абаны ар кандай өздүк жыштыктагы *термелуу системасы* катары кароого болот. Ар бир өздүк жыштыктагы термелүү чектелген беттен чагылгандагы ж-а таралгандагы үндүн жутулушуна көз каранды болгон өзүнүн басаңдоо коэффициенти м-н мүнөздөлөт. Р-нын узактыгы үн интенсивдүүлүгү 10^6 эсе, үн деңгээли 60 *дбге* чейин басаңдаган реверберация убакыты м-н мүнөздөлөт.

РЕВЕРСТӨӨ, реверс (лат. revertor — артка бурам, кайра кайтам) — машинанын же анын жумушчу бөлүктөрүнүн негизги кыймылынын ба-

гытын карама-каршы өзгөртүү. Поршендүү машиналарда Р. бөлүштүргүч механизмдер м-н трансмиссияга аралык звенону кошуу м-н иш жүзүнө ашырылат. Р-го авиация кыймылдаткычтарында аба винтинин калактарын буруу же чыккан газдардын агымын башка жакка багыттоо м-н, ал эми электр кыймылдаткычтарында дүүлүктүргүч оромдогу токтун багытын өзгөртүү м-н (туруктуу ток кыймылдаткычында) жетишүүгө болот.

РЕВИЗИОНИЗМ — марксизм-ленинизм негиздерин илимге таянбай эле кайра карап чыгуу; рев-ячыл жумушчу кыймылындагы оппортун. агым. Р. турмуштун жаңы көрүнүштөрүн чыгылык негизде андоо керек деген шылтоо м-н практикада далилденген марксчыл теориянын мерчемдүү жоболорун кайра карап чыгууга аракеттенет (к. *Оппортунизм).* Марксчыл жоболорду бурж.-реформачыл көз караштар м-н алмаштырган Р. оңчун, ал эми анархиячыл, бланкичил, волюнтаристтик жоболорго жан тарткан Р. «солчул» аталат. Р.— түпкү чыгышы б-ча рев-ячыл жумушчу кыймылында майда бурж. м-н буржуазиянын тийгизген таасиринин натыйжасы, ал эми таптык табияты б-ча — майда буржуазия, жумушчу аристократтар, орто катмарлар идеологиясынын бир түрү. Ал бирде жумушчу табына, бирде буржуазияга ыктаган оома социалдык топтун коомдук абалын чагылдырган. Р. коомдо рев-ячыл жумушчу кыймылына буржуазиянын таасирин тараткан милдетин аткарат. Анын методологиялык негизи — субъективизмдин, догматизмдин, механисттик материализмдин эклектикалык аралашмасы, о. эле схематизм ж-а бир жактуулук.

Р. 19-к-дын 70-жылдарынын аягында марксизмдин позициясына өткөн Германия с.-д. партиясында пайда болгон. 1879-ж. И. Хехберг, Э. Бернштейн ж-а К. Шрамм рев-ялык теориянын негизги жоболорун кайра карооого киришкен. К. Маркс м-н Ф. Энгельс А. Бебель, В. Либкнехтке жазган атайын катында ревизионисттердин бул биринчи баш көтөрүшүнө катуу сокку урган. Р. багыт катары Маркс м-н Энгельс өлгөндөн кийин калыптанган. 90-жылдарда Бернштейн марксизмди ревизиялоонун бүтүндөй бир программасы м-н чыккан (к. *Бернштейнчилик).* Р. 20-к-дын башында Германия, Франция, Австрия-Венгрия, Россия ж. б. өлкөлөрдүн (К. Каутский, О. Бауэр, Л. Мартов, Л. Троцкий ж. б.) с.-д. кыймылына тараган. 19-к-дын аягы 20-к-дын башында Р. маркстик окуунун бардык составдык болүгүн кайра карап чыккан. Ревизионисттер философия б-ча диалек. материализмдин илимийлигин танышкан, ил. социализмди кантчылык, (берккичилик ж-а махизм м-н бириктиргүгө аракеттенишкен. Р-ди В. И. Ленин катуу сынга алган; аны сындоого Г. В. Плеханов, Р. Люксембург, К. Либкнехт, Ф. Меринг, К. Цеткин ж. б. да салым кошкон.

1917-ж. Улуу Октябрь соц. рев-ясынан кийин 20—40-жылдардагы эл аралык коммунисттик кыймылда Р. өзүн оңчул ж-а «солчул», 60—70-жылдары өзгөчө «солчул» катары көргөзгөн. Азыркы Р. марксизм-ленинизм окуусун «эскирип калды», ошондуктан аның коом өнүгүшүндө эч маанисн жок деп эсептейт. Ревизячылар пролетардык рев-яның, пролетариат диктатурасының, марксткк-ленинднк партиянын жетекчи ролун, пролетардык интернационализм принцибинин зарылдыгын танышат. «Солчул» ревизячыл идеологияны маонзм — майда бурж. шовинисттик антисов. окуу кецири пайдаланууда. Маонзм теориялык планда марксизм-ленинизмдин бүт составдык болүгүн кайрадан карап чыгууну ишке ашырууда. Ал — улутчулдук м-н *троцкизмдин* эклектикалык биримдиги. Азыркы Р. рев-яны четке кагып, капитализмди реформа (к. *Реформизм)* аркылуу өзгөртүү позициясын өзлеп, социализмдин көп түрдүүлүгүн, «улуттук социализм» теориясын жактайт. Эл аралык рев-ячыл жумушчу ж-а коммунисттик кыймыл Р-дин бардык түрүнө каршы күрөшүүдө.

Ад.: Ленин В. И., Марксизм жана ревизионизм, Чыг., кырг. 1-бас., 15-т.; Бутенко А. П., Основные черты современного ревизионизма, М., 1959; Мазур В. Н., Ревизионизм вчера и сегодня К., 1973.

РЕВИЗИЯ, к. *Текшерүү.*

РЕВКОМ, к. *Революцячыл комитеттер.*

РЕВМАТИЗМ, к. *Кызыл жүгүрүк.*

РЕВМАТОЛОГИЯ *(ревматизм* ж-а *...логия)* — медицинанын *коллаген ооруларын,* муундардын сезгенишин, остеоартроз ж. б. ооруларды комплекстүү изилдөөчү болүгү. Ал *нефрология, кардиология, гематология* ж. б. м-н байланыштуу. Кызыл жүгүрүктөгү муундун сезгенишин Гиппократ жазган. К. Гален «ревматизм» терминин кыймылдоо аппаратынын ар түрдүү ооруусун белгилеш үчүн киргизген. Кызыл жүгүрүк ж-дөгү илимдин негиздөөчүлөрү: Ж. Б. Буйо ж-а Г. И. Сокольский. Р-ныи 19-к-да теориялык өсүшүнө патоморфологдор М. Ф. Биша, Р. Вирхов, К. Рокитанский, терапевттер С. П. *Боткин,* Г. А. *Захарьин* ж. б. чоң салым кошкон.

20-к-да Р-да амер. (А. Ф. Кобери, П. Клемперер) ж-а сов. (Н. Д. *Стражеско,* Г. Ф. Ланг, А. А. *Богомолец* ж. б.) илимпоздордун изилдөөлөрү зор. 20-к-дын 2-жарымында Р-ныи өсүшүнө иммунологиялык ж-а биохим., вирусологиялык методдорду колдонуу, *биопсия, радиоизотоп диагностикасы* салымдуу комок көрсөттү. Азыр кызыл жүгүрүктү дарылоодо иммуноденрессанттар (иммунологиялык реакцияларды басаңдатуучу дарылар) кецири колдонулууда. СССРде А. И. *Нестеров,* Е. М. *Тареев* ж-а А. И. Струков кызыл жүгүрүк б-ча изилдөөлөрү үчүн Лениндик сыйлык (1974) алышкан. Р-ныи проблемаларын көп мамлекеттерде адистештирилген атайын ин-ттар, СССР МИАныи Ревматизм ин-ту изилдейт. 1928-ж. кызыл жүгүрүккө каршы бүткүл союздук комитет уюшулуп, ал 1964-ж. Ревматологдордун бүткүл союздук коомуна айланган. СССРде «Вопросы ревматизма» журналы чыгат. Кырг-ида рсп-калык кардиоревматология борбору 1963-ж. уюшулган. 1977-ж. респ-када 40 кардиоревматология кабинети (аныи 17си балдар үчүн), балдардын 3 Р-лык санаторийи болгон.


Ад. к. *Кызыл жүгүрүк, Полиартрит* макалаларынан.

РЕВМОКАРДИТ (гр. rheumatismos — кызыл жүгүрүк ж-а kardia—жүрөк) — жүрөктүн *кызыл жүгүрүктөн* ооруга чалдыгышы. Анда жүрөктүн ар кандай катмары (эндокард, миокард ж-а перикард) бузулат. Көбүнчө *миокардит* кездешет, ал *эндокардит* же *перикардит* м-н чогуу болушу да мүмкүн. Р-тин негизин жүрөктүн туташтырма ткандарынын экссудатту сезгенишн түзөт. Анда кызыл жүгүрүк түйүндөрү пайда болуп, кийин тырыкка айланып, жүрөктүн көмтигине ж-а кардиосклерозго алып келет. Р-тин белгилери — жүрөктүн түшү ооруп, аныи согушу күчөйт, алсыздануу, жумуш жасаганда күйүгүү; текшерүүдө жүрөк чегинин кецейиши, үнүнүн күңүрттөнүшү, шуулдашы, канда ж-а электрокардиограммада өзгөрүүлөр байкалат. Дарылоо сезгенүүгө ж-а жүрөктүн иштешине жараша жүргүзүлөт.

Ад. к. *Кызыл жүгүрүк* макаласынан.

РЕВОЛЬВЕР СТАНОГУ, токарь-револьвер станогу — токардык

Револьвер бөрктүү горизонталь *(б)* ж-а вертикаль *(а)* өктүү револьвер станогу: *1* — станина; *2* — берүү кутусу; *3* — шпиндель; *4* — тууралыкыш суппорт; *5* — узунча суппорт.



топко киргүүчү револьвер бөрктүү металл кескич станок. Ал татаал конфигурациялуу майда ж-а орто сериядагы тетиктерди иштетүүдө колдонулат. Р. с. вертикаль, горизонталь же жантайма револьвер бөрктөн ж-а туурасынан кеткен суппорттон турат. Р. с-нун өндүрүмдүүлүгү токардык станокко караганда жогору. Металл иштетүүдө токардык топко киргүүчү Р. с-нан башка да көзөгүч Р. с. колдонулат.


РЕВОЛЮЦИЯ (соцку лат. revolutio — төңкөрүш) — жаратылыш, коом же таанымдын кайсы бир кубулуштарынын өсүшүндөгү терең сапаттык өзгөрүү (мис., геол. Р., о. ж. Р-сы, ил.-тех. Р., маданий Р. ж. б.). Р. түшүнүгү көбүнчө коомдук өнүгүүлөрдү мүнөздөө үчүн колдонулат. Бул түшүнүк — өнүгүүнүн диалек. концепциясынын ажырагыс болүгү. Ал сандан сапатка өтүү законунун ички механизмин ачат. Р. өнүгүүдө үзгүлүү ж-а сапаттуу секирикти билдирет. Р. *эволюциядан* ж-а *реформадан* айырмаланат, бирок алар м-н өтмө катар байланышта болот.

РЕВОЛЮЦИЯ КААРМАНДАРЫНА ЖАРДАМДАШУУЧУ ЭЛ АРАЛЫК УЮМ (капит. өлкөлөрдө Эл аралык Кызыл жардам) өмгекчилерди ак террордон коргоо ж-а ага дуушар болгондорго жардамдашуу максатында Коминтерндин 4-конгрессинин чечимининн негизинде (карыя большевиктер коомунун сунушу б-ча кабыл алынган) түзүлгөн; уюм саясий иш м-н камалгандарга, саясий эмигранттарга ж-а алардын үй-бүлөлөрүнө, курман болгон революционерлердин (кайсы партияда экенине карабастан) үй-бүлөлөрүнө материалдык, укуктук жардам ж-а моралдык колдоо көрсөткөн. Бирдиктүү жумушчу ж-а өлдик фронтторду түзүү саясатын жүзөго ашыруу, массаны интернац. тарбиялоо куралдарынын бири болгон. 1932-жылга карай 70 улуттук секцияны бириктирип, 14 млндой адамды баш коштурган. 1932—39-ж. уюм Балкан ж. а-ндагы, Польшадагы, Кытайдагы, Балтика мамлекеттериндеги ж. б. өлкөлөрдөгү террорго каршы эл аралык ааразылык кампанияларын уюштуруп, башка эл аралык уюмдар м-н бирге Г. Димитровду, Э. Тельманды, А. Грамшини бошотуу үчүн интернац. кампанияларды өткөргөн. Уюмдун ишине Ю. Мархлевский, В. Мицкявичус-Капсукас, К. *Цеткин,* Сэн *Катаяма,* В. *Пик* сыяктуу ишмерлер активдүү катышкан.

1937-жылдын аягында уюмдун жетекчилиги Москвадан Парижге көчүрүлүп, анда 1939-жылдын сентябрына чейин турган. Экинчи дүйн. согуш (1939—45) башталгандан соц уюмдун иши эл аралык масштабда жүргүзүлбөй калган. Уюмдун СССРдеги секциясы 1947-жылга чейин иштеген. Кызыл жардамдын улуттук уюмдары Францияда, Латын Америкасынын бир катар өлкөлөрүндө иштеп жатат.

Уюмдун ишине Атком (1923-жылдын мартына чейин Борб. бюро, 1923-жылдын мартынан 1924-жылдын июлуна чейин БК аталган) жетекчилик кылып, ал Президиум ж-а Секретариат шайлаган. Атком конф-яларда (1924, 1927) ж-а Конгрессте (1932-ж. ноябрь, Москва) шайланган. Уюмдун Борб. Комитетинин (Аткомунун) органы — «МОПР» журналы 1923—26-ж. орус тилинде, 1926—38-ж. немец, англис, француз тилдеринде чыгып, 1936-жылдан «Единство» («Биримдик») аталган.

РЕВОЛЮЦИЯЛЫК АРДАКТУУ КУРАЛ — 1919—30-ж. СССР Куралдуу Күчтөрүндөгү жог. сыйлык. ББАК, аныи Президиуму ж-а респ-каныи Рев-ячыл аскер совети согушуп жаткан армиянын жог. начальниктерине аскер ишиндеги артыкчылыгы үчүн берген. Ал сабына алтын жалатылып, Кызыл Туу орденинин сүрөтү түшүрүлгөн кылыч же канжар (СССР БАКтын 1924-жылдын 12-декабрындагы Жобосу б-ча — револьвер) түрүндө болгон. Ардактуу курал м-н бардыгы 21 адам: С. С. *Каменев,* С. М. *Будённый,* К. Е. *Ворошилов,* М. Н. *Тухачевский* ж. б. сыйланган.



СССР борб. Революция музейи.

РЕВОЛЮЦИЯЛЫК АРДАКТУУ КЫЗЫЛ ТУУ — салгылашта айырмаланган ЖДКА бөлүктөрүнө ж-а бириккмелерине Аскер эл комиссарынын приказы б-ча берилген аскердик сыйлык. Биринчи Р. а. К. Т. м-н 5-Земгалдык латыш аткычтар полку (1918-ж. 20-авг.) м-н Николаев полку (1918-ж. 4-окт.) сыйланган. Граждсогушта (1918—20) айырмаланганды-гы үчүн Р. а. К. Т. м-н Балтика флоту, 5-армия, 36-дивизия ж. б. сыйланган. ССР Союзунун Борб. Аткомунун 1932-ж. 27-ноябрдагы чечими б-ча аскер бөлүктөрү ж-а бириккмелери жог. жетикчендиктери, аскердик даярдыктары үчүн Р. а. К. Т. м-н тыңчтык мсагилде да сыйланат.

РЕВОЛЮЦИЯЛЫК КЫРДААЛ — рев-я болор алдындагы өзгөн өлдин бийликке каршы күрөшүнө мүнөздүү абал. Ал рев-я ж-а бийлик алуу үчүн социалдык-саясий шарттардын ыңгайлуу кырдаалы жетилгенин көрсөтөт. Р. к-дын негизги белгилери: 1) «жогортодо болгон кризис», б. а. үстөмдүк кылган таптардын өз бийлигин мурунку калыбында сактоого мүмкүн болбой калышы; 2) өзгөн таптардын муктаждыгынын ж-а жакырлашынын демейдегиден күчөшү; 3) массанын саясий активдүүлүгүнүн жогорулашы. Р. к. таптардын өз ара мамилесинен келип чыгат, бирок аның түшкү негизин өндүргүч күчтөр м-н өндүрүш мамилелеринин карама-каршылыгы түзөт. Бардык эле Р. к. рев-яга айлана бербейт (мис., Россиядагы 1859—61-жылдардагы Р. к.). Р. к-да элдин активдүүлүгү чечүүчү маанеге ээ. Аны туура аныктоо рев-яныи жеңишине шарт түзөт.

РЕВОЛЮЦИЯ МУЗЕЙИ Москвадагы (1968-жылдан — Ленин ордендүү СССР борб. Рев-я музейи) ССРБАКтын токтомуна ылайык 1924-ж. 9-майда негизделген. 19-к-дын аягындагы Россия өмгекчилеринин рев-ячыл күрөштөрүнүн негизги этаптарын, Улуу Окт. соц. рев-ясынын жеңишин, СССРдеги соц. ж-а коммунисттик курулуштун ийгиликтерин чагылдырган эң ири тарыхый-рев-ячыл эстеликтерди жыйнайт. Музейде 1 млн-дой экспонат бар. 47 экспозиция залында 20 миңдей тарыхый документ, марксизм-ленинизм классиктеринин алгач басылган чыгылары, большевиктердин рев-яга чейинки басмалары, Октябрга чейинки ж-а Гражд. согуш мезгилиндеги сейрек баракчалар м-н газеталар, туулардын коллекциялары, КПСС м-н Совет мамлекетинин ишмерлеринин чыг-лары, Улуу Ата Мек. ж-а Гражд. согуштун баатырларынын сүйлогон сөздөрү, өлкөдөгү рев-я мезгилиндеги плакаттардын коллекциялары, экспонаттар жайгашкан. Музейде рев-ячыл кыймылдын тарыхы ж-а соц. курулуш ж-дө китептер (15 миң томдон ашык), тарыхый рев-ялык темага арналган 8 миңден ашык иск-во чыгылары орун алган. 1924—74-ж. музейге 30 млн-дон ашык киши келип кеткен (1973-ж. 821,5 миң адам). Ленин

ордени (1967), Октябрь Революциясы ордени (1974) м-н сыйланган.

Ад.: Центральный ордена Ленина Музей Революции СССР. Путеводитель, М., 1972.

«РЕВОЛЮЦИЯНЫН КААРМАНДАРЫНА» МОНУМЕНТИ — Рев-ялын Кырг-ндагы салтанаттуу жеңиштерин дацазалаган эстелик. Фрунзе ш-нын 100 жылдыгына карата 1978-ж. 2-сентябрда ачылган. Совет көчөсү м-н Ленин проспектисинин кесилишинин түн.-батыш тарабындагы аянтка орнотулган. Авторлору: скульптор Т. *Садыков;* арх. Г. Кутателадзе. Коло ж-а



граниттен жасалган. Ансамблди рев-я жеңиштерин символдогон аял келбети орнотулган 15 *м*лик монумент ж-а «Ойгонуу», «Революция» деп аталган скульптуралык композиция түзөт. Анда азаттык үчүн күрөшкөн У. Салиева, К. Жакыпов сыяктуу каармандардын мүнөзү типтештирилген. Эстелик — Кырг-ндагы монумент оперунун өнүгүшүндөгү ири жетишкендик. 1979-ж. СССР САнын алтын медалы ыйгарылган.

РЕВОЛЮЦИЯ ЧОКУСУ — Памирдеги Язгулем кырка тоосунун эң бийик жери. Тажик ССРинде. Бийикт. 6974 *м*. Кар ж-а моцгу м-н капталган. Түн.-батыш капталынан Федченко моцгусу башталат; Бартанг д-нын ороонуно караган түш. бети тик. Чокуга 1-жолу 1954-ж. А. Угаров баштаган сов. альпинисттер чыккан.

РЕВОЛЮЦИЯЧЫЛ АСКЕР СОВЕТИ (РАС) — 1918—21-ж. Сов. Россиянын фронт, армия, флот ж-а флотилияларындагы саясий жетекчи ж-а жог. коллегиялуу аскер органы (Ы. Чыгышта, Сибирде, Батыш фронтто, О. Азияда түзүлгөн). Биринчи РАС ЭКСтин 1918-ж. 13-июндагы чечими б-ча Чыгыш фронтунда, кийин калган фронттор м-н армияларда түзүлгөн. РАСтын составына командачы, 2—8 аскер комиссары кирген. РАС бошотулган аймакта бийлик органдарын (ревком ж. б.) түзүүгө, командачынын чечимине кийлигишүүгө, армиянын штаб начальнигин бекитүүгө укуктуу болгон. РАСка штаб, рев-ячыл аскер трибуналы, саясий болум, аскер контролу ж. б. бөлүм начальниктери, инспекторлор баш ийген.

РЕВОЛЮЦИЯЧЫЛ ДЕМОКРАТТАР — Россиядагы 19-к-дын 2-жарымындагы рев-ячыл ыймылдын окуялдору, дыйкан демократиясынын идеологдору. Рев-ячыл демократия идеологиясы 19-к-дын 40-жылдарында пайда болуп, 60—70-жылдарда коомдук ыймылда үстөм абал ээлеген. Р. д. өлкөдөгү бирден бир рев-ячыл күч дыйкандар, дыйкан рев-ясынын натыйжасында крепостной укукту жоюуга болот деп, Россия капитализмди аттап, дыйкандар жамааты аркылуу социализмге келет деп эсептешкен. Р. д-дын программасын ишке ашыруу чындыгында капитализмдин өнүгүшүнө алып келмек. Социалдык абалы б-ча Р. д. разночиндер болушкан. Россиядагы тунгуч Р. д-дын бири — В. Г. *Белинский*. 50—60-жылдардагы Р. д-дын башчылары: Н. Г. *Чернышевский*, Н. А. *Добролюбов*, А. И. *Герцен*, Н. П. Огарев ж. б. Алар өз идеяларын «Колокол», «Современник» журналдарында пропагандалашкан. Р. д. жашырын рев-ячыл уюмдарды (60-жылдары *«Жер жана эркиндик»*, 70-жылдары «Жер жана эркиндик», *«Эл эркн»* ж. б.) түзүшкөн. Рев-ячыл-демокр. ыймыл *либерализм* м-н күрөштө оскон. Рев-ячыл-демокр. идеяларды Н. А. *Некрасов*, Т. Г. *Шевченко*, М. Л. *Налбандян* ж. б. жургузушкон. К. Маркс, Ф. Энгельс ж-а В. И. Ленин Р. д-дын рев-ячыл ж-а ил. ишаракетин жогору баалашкан.

Ад.: Ленин В. И., Эмне кылуу керек?, Чыг., кырг. 1-бас, 5-т.; ошонуку, Герценди эскерүү, ошондо, 18-т.; ошонуку, Өркиндикке чыгаруу ыймылындагы таптардын жана топтордун ролу, ошондо, 19-т.; ошонуку, Россиядагы жумушчу басмасынын өткөндүгүсүнөн, ошондо, 20-т.; Ковьмин Б. П., Из истории революционной мысли в России, М., 1961.

РЕВОЛЮЦИЯЧЫЛ КОМИТЕТТЕР (ревкомдор) — Совет бийлигинин Граждд. согуш ж-а чет элдик интервенция убагындагы (1918—20) убактылуу атайын органдары. Анын уюштурулушунда ж-а ишинде Окт. рев-ясы мезгилиндеги (1917) аскердик рев-ячыл комитеттердин тажрыйбасы колдонулган. Р. к. 1919-ж. кеңири кулач жайып, респ-калык, крайлык, губерниялык, уезддик, болуттук, селолук болуп түзүлгөн. Алар гражд., аскердик бийликке толук ээ болуп, мүчөлөру жогортон дайындалган. ББАКтын 1919-ж. 24-октябрдагы «Революцячыл комитеттер жөнүндөгү» жобосуна ылайык Р. к. душмандан бошотулган жерлерде, фронт аймагында, оорукта түзүлгөн. Биринчи Рев-ячыл аскер совети (РАС) деп аталган комитет 3—5 адамдан туруп, Совет бийлигинин жерг. органдары м-н бирдикте иштеген. Алар Советтерге шайлоо уюштуруп, аткомдорго оздөрүнүн полномочиесин берген. Экинчиси фронттон 25—50 *км* алыста жерг. губерниялык аткомдун катышуусу м-н армия РАСтарын түзгөн. Зарыл болбой калгандан кийин армиянын РАСтары жоюлуп, алардын бийлиги губерниялык (уезддик) аткомго өткөн. Ооруктук, губерниялык ж-а уезддик Р. к. Жумушчу ж-а дыйкан коргонуу советинин постторун түзгөн. Зарыл учурда губерниялык Р. к. өз болумдөрүн айыл-кыштактарда, т. ж. түйүндөрүндө да түзгөн. Р. к-ди ооруктта уюштурууда советтердин аткомдору жоюлбастан рев-ялык тартипти сактоо м-н чектелген. Ооруктук Р. к-дин составына пред-ль, Советтин аткомунун мүчөсү ж-а жерг. аскер комиссары кирген.

1920-ж. 2-январда Жумушчу ж-а дыйкан коргонуу совети губерниялык ж-а уезддик Р. к-ди жоюу ж-дө токтом кабыл алган. Бирок Р. к-дин зарыл болгон жерлерде сакталуусу керек экендиги айтылган. Р. к. 1920-ж. Архангельский губ-нда (февр.— апр.), О. Азия респ-каларында, Украинада, Кубанда, Белоруссияда, Дагестанда, Азерб-нда, 1921-жылга чейин Армения м-н Грузияда, 1925-жылга чейин Сибирде иш жургузгон.

Кырг-нда Р. к. 1919-ж. түзүлүп, көпчүлүк жерлерде жерг. Советтердин аткомдорунун милдетин аткарган. Р. к. Кырг-нда жер ж-а улут маселесиндеги колон. калдыктарды, Совет бийлигинин коркунучтуу душмандарын, басмачыларды жоюуда маанилүү роль ойнон. Совет бийлигинин органдарын шайлоо жолу м-н түзүүгө шарт түзгөн. Р. к. Кырг-ндын аймагында өз милдетин аткарган соң (1923) жоюлуп, бийликти жерг. Советтердин аткомдоруна өткөргөн.

РЕВОЛЮЦИЯЧЫЛ ТРИБУНАЛ — Совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы сот органы. Сот ж-дегу № 1 декретке (22. 11. 1917-ж. кабыл алынган) ылайык контррев-ячыларга, басмачыларга ж. б. коркунучтуу кылмышкерлерге каршы күрөшүү үчүн уюшулган. Адегенде Р. т-да жазалоо чараларын колдонуу укугу чектелген. Кийинчерээк, өзгөчө гражд. согуш убагында, тап душмандарынын каршылык көрсөтүшүнүн күчөшү м-н аның укугу кеңейтилип, Совет бийлигин чындоонун, душмандарга каршы күрөшүүнүн ар кандай чараларын көргөн. Р. т. гражд. согуш аяктаган соң 1922-ж. жоюлган.

РЕВЮ — оперетта, балет, кабаре ж-а варьетенин урунттуу өзгочолуктөрүн камтыган театр окуну. 1830-ж. Парижде жаралган. Р-нун таасири м-н оперетанын өзгөчө түрү (ревю-оперетта) пайда болгон. 19-к-дын аягы — 20-к-дын башында Бельгия, Нидерланд, Улуу Британия өлкөлөрүнө тараган. АКШда европ. үлгүлөрдүн таасиринде анын «шоу» деген түрү жаралган. Р. адатта эстрада театры — мюзик-холлдо аткарылат.

РЕГАЛИЯ (лат. regalis — падышалык) — 1) феод. Европадагы жог. бийликтин (император, король, ө. эле при феодалдар) кирешенин белгилүү бир түрүн алууга болгон монополиялык укугу. 2) Монархиялык бийликтин таажы, скипетр, держава, такты, порфир ж. б. сыяктуу белгилери.

РЕГАЛЬ — о. кылымдагы кичинекей (адатта столго коюлуучу) *орган.*

РЕГАТА (итал. riga—катар, сызык)— кайык ж-а *парус спорту* б-ча откорулуучу ири мелдеш (кээде Р. деп *суумотор спорту* б-ча мелдеш да аталат).

РЕГБИ (Англиядагы Регби ш-нын атынан) — командалык спорт оюну. Н сымал дарбазасы бар атайын аянтта сүйрү топ м-н мелдеш откорулот. Оюндун максаты — топту колу м-н оноктошторүнө берип (артка гана) упайлык аянтчага таштоо же буту м-н (бардык тарапка) тээп, атаандаштарынын дарбазасына киргизүү. Топту алып бараткан атаандашын колу м-н кармап токтотууга, ийнин м-н кагып жыгууга жол берилет. Мелдеште көп упай алган команда жеңет (40 *мин*дан 2 тайм болот). Олимпиялык оюндардын (1900, 1904, 1920) программасына кирген. 1934-ж. Р. б-ча Эл аралык ышкыбоздор федерациясы түзүлгөн. СССРде Р. 1923-ж. уюшулган. 1966-жылдан .жыл сайын чемпионат откорулот.

РЕГЕНЕРАТОР (лат. regenero — кайрадан жасайм) жылуулук техникасында — жылуулук ташгычтар кезек-кезеги м-н аппараттын бир жак гана бетине тийишкенде жылуулук бере турган жылуулук алмаштыргыч. Р. мезгилдүү ж-а үзгүлтүксүз иштетилме болуп айырмаланат. Мезгилдүү иштетилме жылуулук ташыгычтуу Р. кирпичтен тургузулган бир нече камерадан турат да, аларга кезек кезеги м-н ысык түтүндүү газ, ысытылган аба же газ түрүндөгү отун берилип турат. Үзгүлтүксүз иштетилме жылуулук ташыгычтуу Р-до газ чойросүүн үчүн жайгаштырылган аба патрубогу айланып турат. Мезгилдүү Р-до аба 1000—1200°Cге, үзгүлтүксүз 400°Cге чейин ысытылат. Р. мартен ж-а айнек эриткич мештерде, домна мештеринин аба ысыткычтарында колдонулат.

РЕГЕНЕРАЦИЯ (лат. regeneratio — кайта өөрчүп, баштапкы калыбына келүү) биологияда — организмдин, андан ажыраган же майып болгон ткань же органдын калыбына келүүсү. Ал табиятта же тажрыйба шартында отот. Жаныбарларда ж-а кишиде Р. физиол. ж-а репарациялык болуп болунот. Физиол. Р.— адаттагы тиричилик процессинде ткань элементтеринин дайыма алмашып турушу. Мис., кан пайда кылуучу органдарда кан, ичегилерде былжыр чел, терinin эпителий ткандары жацырып турат. Репарациялык Р.— алынып ташталган, кесилген же кырсыктан жабыркаган органдын (организмдин) калыбына келүүсү. Омурткасыздарда (гидра, планария, сөөлжан, рак сымалдар ж. б.) дене бөлүкчөлөрүнөн бүтүн организм жетилиши мүмкүн. Татаал түзүлүштүү жаныбарларда (саламандра, тритон ж-а кескелдириктер) жеке орган же аның бөлүгү Р-ланат. Р. жаныбардын түзүлүшүнө, о. эле башка факторлорго байланыштуу бир аз өзгөргүчтүккө ээ болот. *Онтогенезде* Р. жогорулап, картаюуда төмөндөйт. Киши ж-а сүт эмүүчүлөрдүн ткандарынын Р-га жөндөмдүүлүгүнүн хирургияда маанили чоң. Өсүмдүктөгү Р. өсүмдүктүн жоголгон органынын ордунда (реституция) же башка жеринде (репродукция) болушу мүмкүн. Р. кезинде өсүмдүк мурдагыдай эле өсүү жолунда болот. Мис., өсүмдүктүн чоку бүчүрүн кессек, анын каптал бүчүрлөрү тез өсө баштайт. Өсүмдүктүн калемчелер аркылуу көбөйүүсү — Р-нын жөнөкөй көрүнүшү. Анда өсүмдүктүн вегетатив бөлүгүнөн бүтүндөй өсүмдүк калыбына келет. Өсүмдүк Р-сынын мөмө, токой, коогбак-даректарды ж. б. өстүрүүдө, о. эле бир катар теориялык проблемаларды чечүүдө маанили чоң.

Ад.: Условия регенерации органов у млекопитающих, М., 1972; Кренке Н. П., Регенерация растений, М.—Л., 1950; Хэй Э., Регенерация, пер. с англ., М., 1969.

РЕГЕНТЧИЛИК, к. *Аталык.*

РЕГИСТР (латч regestum — киргизилген, тизмеленген дегенден) музыкада — муз. аспаптын же ырчы добушунун белгилүү бир бийиктиктеги добуш диапазонунун бөлүгү. Р. бийик, орто, пас деп бөлүнөт.

РЕГИСТРАЦИЯ (лат. registrum — тизме дегенден) — тизмеге киргизүү, эсепке алуу, каттоо.

РЕГЛАМЕНТ (фр. réglement — эреже) — 1) мамл. органдын, мекеменин, уюмдун ич тартибин аныктоочу эрежелер жыйындысы; 2) ар кыл жыйындарды (съезд, сессия, конф-я ж. б.) алып баруу эрежеси. 3) Эл аралык конгресстин айрым актыларынын аталышы (мис., 1815-жылкы Вена Р-н).

РЕГОЛИТ — Айдын үстүнкү катмары. Айдагы алгачкы тоо тектин (составы б-ча базальтка жакын) узак убакыт бою көп жолу метеориттер м-н ургулануусунан пайда болгон сыныктардан турат. Калыңдыгы бир нече *см*ден 10 *м*ге чейин. Р-тин үстүнкү бети метеориттердин Айга түшүүсүнөн жаралган кратерлер м-н каптаган. Үстү борпоң, чаң түрүндө, теренденген сайын ныкталат, к. *Ай.*

РЕГРЕСС (лат. regressus — кетенчиктөө) — өнүгүүнүн жог. деңгээлден төмөө) — өнүгүүнүн ар жыл гана түрү. Р-тин монкүсүн карай жылган түрү. Р-тин маазмуну бузулуу процесстеринен, уюштурууунун начарлашынан, тигил же бул милдетти аткарууга жарамсыз болуп калуудан келип чыгат. Р. өспөй калуу, жарамсыз формаларга ж-а структураларга кайрылуучурларын да кучагына алат. Ал баскычтан жабыркаган органдын (организмдин) калыбына келүүсү. Омурткасыздарда (гидра, планария, сөөлжан, рак сымалдар ж. б.) дене бөлүкчөлөрүнөн бүтүн организм жетилиши мүмкүн. Татаал түзүлүштүү өзгөрүүлөрдө анын айрым бөлүктөрү прогрессчил багытын сактан калышы мүмкүн. Коомдун өнүгүшү бир кылка болбойт. Реакциячыл күчтөр утурумдук үстөмдүккө ээ болушу мүмкүн. Бирок түпкүлүгүндө мурункулардын мыкты каспеттерин өзүнө топтогон прогрессчил күчтөр жеңет.

РЕГРЕССИЯ децизде (лат. regressio — кайра чегинүү) — дециздин туруктуу тартылышы. Р. процесси кургак жердин ойдо көторулүшү, океан түбүнүн чөгүшү же суунун азайышы м-н байланыштуу. Жердин тарыхында Р. бир нече жолу кайталанганы белгилүү, к. *Трансгрессия.*

РЕГРЕССИЯ ыктымалдык теориясында ж-а математ. статистикада — кандайдыр бир *y* чондуктун орт. маанисинин башка бир же бир нече *x* чондуктарына көз карандылыгы. Эгерде $y=f(x)$ функция көз карандылыкта x тин ар бир маанисине y тин белгилүү бир гана маанисин туура келсе, Р-лык байланышта x чондугунун бир эле маанисине ар кандай көкустукка карата y чондугунун ар башка маанилери туура келет. Эгер $x=x_i$ чондугунун ар бир маанисине y чондугунун $y_{i1}, \ldots, y_{in_i}$ болгон n_i маанилери туура келсе, анда $y_i = (y_{i1} + \ldots + y_{in_i})/n_i$ арифм. орто санынын x_i ге көз карандылыгы Р-ны аныктайт. Мындай көз карандылыкка мисал катары, карагайдын орт. диаметринин бийиктигине көз карандылыгын көрсөтүүгө болот. Ыктымалдык теориясында Р-ны талдан изилдөө, бирдиктүү ыктымалдуу болуштурууга ар бир x ке y тин бир гана маанисин туура келтирүүчү функцияны табуу ж-а регрессия ж-дегу статистикалык гипотезаларды текшерүү. Байкоолордун негизинде алынган $(x_1, y_1), \ldots (x_n, y_n)$ чондуктарынын байланышын изилдегенде регрессия теориясына ылайык алардын бири *У* экинчисинин белгиленген


x мааниси́нде ыктымалдыктын кандайдыр бир болуштурулушуно ээ, б. а. $E(Y|x)=g(x,\beta)$, $D(Y|x)=\sigma^2h^2(x)$. Мында $\beta=(\beta_0,\beta_1,...,\beta_n)$ функциясын аныктоочу белгисиз параметрлер, $h(x)$ — белгилуу функция; δ^2 — дисперсия. $\beta=(\beta_0,\beta_1,...,\beta_n)$ параметрлерин баалоодо кобунчо $g(x,\beta)=\beta_0g_0(x)+...+\beta_ng_n(x)$ түрүндогу регрессиянын белгисиз параметрлерине карата сызыктуу модели пайдаланылат. Р. а.— физика, биология, экономика, техника ж. б. илим тармактарындагы изилдөөлөрдүн жыйынтыгын иштеп чыгуудагы кеңири таралган методдордун бири.

РЕГСТАН (фарсча рег — кум, стан — оруп) — О. Чыгыш шаарларындагы салтанат (парад) аянтынын аты. 15—17-к-да О. Азияда шаар куруу өнөрүнүн шедеври катары *Самаркандa* пайда болгон. Ал — арх-ралык мунөзү б-ча монумент имараттар курчаган чарчы мейкиндик. Батыш жагына 1417—20-ж. Улугбектин 4 айбаны, эки кабат үзүрөлөрү, мунарасы, мечити бар медиресеси, андан кийин (Афг-н) — Кветта (Пакистан) автомобиль жолу өтөт.

РЕГУЛЯРДУУ ЧЕКИТ (лат. regularis — туура), туура чекит — ар кандай маанide колдонулуучу матем. термин. 1) $z=x+iy$, $(i=\sqrt{-1})$ комплекстүү өзгөрмөнүн $f(z)$ функциясынын Р. ч-и деп, $f(z)$ функциясы бир маанилүү ж-а

$$f(z)=\sum_{n=0}^{\infty}C_n(z-z_0)^n,$$

(C_n — туруктуу чондук) катары түрүндө көрсөтүлө турган кандайдыр $|z-z_0|<\rho$ аймагындагы $z_0=x_0+iy_0$ чекити аталат. 2) $\frac{d^2y}{dx^2}+p_1(z)\frac{dy}{dx}+p_2(x)y=0$, дифференциал теңдемесинде $P_n(x)$ коэффициентинин n деп $(n=1,2)$ чоң эмес тартиптеги үюлду түзгөн чекит дифференциал теңдеменин Р. ч-и делинет. 3) Эгер $f(x_0-0)$ ж-а $f(x_0+0)$ функциясынын сол ж-а оң пределдери болсо, $f(x_0)=\frac{1}{2}\{f(x_0+0)+f(x_0-0)\}$ барабардыгы орундалган x_0 чекит $f(x)$ функциясынын үзүлүү Р. ч-и деп аталат.



Регстан ансамблинин каптальнан көрүнүшү.

кербен сарай ж. б. курулган. 16-к-да Р. куруу иши анчалык өнүккөн эмес. 1646—47 ж-а 1659—60-ж. сырткы мозаика м-н кооздолгон, ичи алтындалган оймо-чиймелүү Тиллакары медиресеси курулган. Р. жаңыз ж-а жаңаша курулган курулуштардан болүнүп, кочо тоомдорунан оруп алган.

Ад.: Массон М. Е., Регистан и его медресе, Таш., 1926; Крюков К. С., Регистан. [Памятник архитектуры], 4 изд., Таш., 1970.

РЕГСТАН — Афг-ндагы кумдуу чөл, Иран тайпак тоосунун чыгышында. Аянты 40 миң $км^2$, бийик. чыгышында 1500 $м$, батышында 800 $м$ге чейин. Р.— чыгыштан батышка жантайган түздүк; кум жалчалары, барханлар (бийик. 60 $м$ге чейин) бар. Климаты субтропиктик, континенттик, кургак. Жылдык жаан-чачыны 100 $мм$. Өсүмдүктөрү (шыбак, эфемер, эфемероиддер) сейрек. Дарыя өрөөндөрүндө ж-а тоо этектеринде оазистер бар. Түн. четинен Кандагар


РЕДАКТОР (лат. redactum — оңдоочу, жөнгө салуучу дегенден) — басмада, газета-журналдарда, радио үктүрүү м-н телекөрсөтүүдө, көп томдуу басылмаларда текстти адабий тилдин стилдик нормаларына салып жыш оңдоп, жакшыртып иштеп чыгуучу адабий кызматкер.

РЕДАКЦИЯ (лат. redactus — иреттелген дегенден) — 1) автордук чыгармanын редактор тарабынан иштелип (редакцияланып) чыгышы. Ал шарттуу түрдө саясий, ил., адабий Р-лоо деп бөлүнөт. Жаңы чыг-ларды Р-лоо— чыгармадагы автордук өзгочөлүктү сактоо м-н анын мазмунун ж-а формасын жакшыртуу максатын көздөгөн бир бүтүн чыгармачыл процесс (к. *Текстология, Комментарий*). 2) Автор же башка бирөө тарабынан кайра иштеп чыгуудан улам жаралган адабий чыгарманын варианты. Кийинки варианттарды жаратуу зарылдыгы автордун чыг-лык изденүүсүнөн улам келип чыгат (мис., Т. Сыдыкбековдун «Тоо арасында» романынын эки Р-сы бар—1936, 1955—58). 3) Массалык информация системасынын (басма сөз, радио үктүрүү, телекөрсөтүү, кино) тармактык, тематикалык, аймактык же тил принциптери б-ча адистешкен админ. мекемелери.

Ад.: Синорский Н. М., Теория и практика редактирования, М., 1971.

РЕД-РИВЕР — АКШнын түштүгүндөгү дарыя, Миссисипинин оң куймасы. Уз. 2050 $км$, алабынын аянты 233 миң $км^2$. Льяно-Эстакадо платосунан башталып, Мексика бою ойдуңу аркылуу агат. Төмөнкү агымында салааларга — Олд-Ривер (Миссисипиге куят) ж-а Атчафалаяга (Мексика булуңуна куят) бөлүнөт. Жаан-чачын сууларынан куралат. Чыгымы чатында 35 $м^3/сек$дан 6600 $м^3/сек$га чейин. Ортоңку агымында Тексома суу сактагычы курулган. ГЭС бар.

РЕДУКТОР (лат. reductor — артка тартуучу, кайра келтирүүчү) — 1) машинанын толгонуу моменттерин жогорулатуу максатында жетеленме валдын бурчтук ылдамдыгын азайтуучу механизм. Р-до *тиштүү цилиндрлик өткөргүч, чынжырлуу цилиндрлик өткөргүч*, червяктуу цилиндрлик өткөргүч ж-а алардын түрдүү айкалыштары пайдаланылат. 2) Газ, буу же суюктукту баллондон же басымы кыйла жогору идиштен чыга беришинде туруктуу басымда карман туруучу сактагыч ж-а бекиткич клапан милдетин аткаруучу түзүлүш. Р. газ ширеткич аппараттарга, суу хлораторго, сатураторго ж. у. с. орнотулат. Р-дун негизги элементи — ийилгич жалпак мембрана м-н байланышкан редукциялык клапан (к. сүрөт). Мембрананын бир жагына бурамалуу пружина, экинчи жагына газ же суюктук аракет кылат. Р. түз ж-а тескери аракет кылуучу болуп болүнөт да, аларда пружинанын аракети чойрөнүн (газдын, суюктуктун) басымынын багытына же ага карама-каршы багытка дал келет.



Редуктор: *а* — түз аракеттегич; *б* — тескери аракеттегич; *1* — бекиткич пружина; *2* — клапан; *3* — түртүкчү; *4* — мембрана; *5* — кыскыч диск; *6* — бурамалуу пружина.

РЕДУКЦИЯ (биологияда) — органдардын коломүнүн кичирейиши, түзүлүшүнүн жөнөкөйлөнүшү, о. эле организмдин филогенез же онтогенездик өөрчүшүндө органдарга тийиштүү функциянын жоголушу. Органдардын же ткандын такыр жок болуп кетиши да Р. деп аталат.

РЕДУКЦИЯ (тил илиминде) — басымсыз муундагы үндүүлөрдүн угулушу басаңдап, кээде түпүн калуусунун чейин жетиши. Мис., эрик-эрк, тирчилик-тирчилик, жетиниш-жетиниш. Р. экиге бөлүнөт: сандык Р.— угулуу узактыгынын кыскарышы; сапаттык Р.— так айтылуу ыргагынын жоголушу. Фонет. белгилүү абалда айрым тыбыштардын түшүрүлүп айтылышы б-ча жазууга орфографияда жол берилет (мис., кыргыз тилинде: ойуну-ойну, эрини-эрди; орус тилинде: день-дня, сон-сна).

РЕЕСТР (лат. regestrum, registrum — тизме дегенден) — 1) тизме, каттоо; 2) иш, документ, мүлк ж. б. каттала турган китеп.

РЕЖИМ (лат. regimen — башкаруу дегенден) — 1) мамл. түзүлүш, башкаруу методу; 2) жашоо, эмгек, эс алуу, тамактануу, уктоонун так белгиленген тартиби; 3) тигил же бул максатка жетүү үчүн белгиленген эрежелердин, иш-чаралардын, нормалардын жыйындысы.

РЕЖИССЕР (фр. regisseur, лат. rego — башкарам) — спектакль м-н кинофильмди, эстрадалык концерттин программасын, цирк оюнун коюучу адам. к. *Режиссёрдук өнөр*.

РЕЖИССЕРДУК ӨНӨР, режиссура — бардык жагы бири бирине шайкеш келип, коркомдук жактан бириндикке жетишкен оюн-тамашаны (драмалык же муз. спектакль, кинофильм, цирк же эстрада оюну ж. б.) жаратуу өнөрү. Режиссёр өзүнүн ниетиндеги көркөм планына ылайык пьесаны же сценарийди, опера же балет либреттосу м-н партитураларын тескеп-териштирип, аларды оюнга катышуучулардын ач-сезимине жеткирип, аткаруучуларды эстетикалык жактан бириктирет; спектаклдин идеялык мазмунун, жанрын ж-а сыртқы формасын ачып, ритм, мизансценасын, арена м-н эстраданы пайдалануу мүмкүндүгүн белгилейт, кейипкерлердин мүнөзүн, кино м-н телекөрсөтүүдө кадр, монтаж ж. б-нын түзүлүшүн айкындайт. Режиссёр оюндун бардык компоненттерин: декорацияны, музыкасын, жарык кылынышын ж-а артисттин чыг-лыгын, кийимин өз ара шайкеш келгидей кылып уюштурат.

Р. өнөрү элементтери байыркы заман театрларында да болгон. Азыркы түшүнүктөгү Р. ө. 19-к-дын 2-жарымында драма театрында пайда болгон. Анын калыптануу мезгили Германиядагы Мейнинген театры, Парижде ги А. Антуандын ж-а Берлиндеги О. Брамдын Эркин театрлары, Лондондогу «Коз карандысыз театр» м-н тыгыз байланыштуу. Бирок бул театрлар али натуралдам элементтеринен толук арылган эмес. Москва көркөм академиялык театрын негиздеген К. С. Станиславский м-н В. И. Немирович-Данченко гана Р. ө-дүн жаңы реалисттик принциптерин иштеп да Р. деп аталат.

РЕЗЕРВ (лат. reservo — сактайм дегенден) — 1) кандайдыр бир персонал варыл учурда пайдаланылуучу запасы, кору; 2) керек болгон жаңы материалдар, күчтөр алынып турууучу булак.

РЕЗЕРВАЦИЯЛАР, резервattар (лат. reservo — коргоймун, сактайм) — айрым капит. өлкөлөрдө жерг. мын) — айрым капит. өлкөлөрдө жерг. элдин калгандарын зордуктап отурукташтыруу үчүн атайын белгиленген аймактар. АКШ, Канада, Бразилияда индеецтер үчүн, Австралия Союзунда австралиялык аборигендер үчүн, ТАРда африкалыктар үчүн уюштурулган Р. бар. Р-да жашагандар өз жерин пайдалануу укугунан четтетилгендиктен кочмон жашап, ар кыл уюмдарга жалданып иштеп күн көрүшөт. АКШ, Канада өкмөттөрү Р-ды жоюуга аракеттенүүдө. Р-га куулган индеецтер, африкалыктар, австралиялык жерг. уруулар (аборигендер) өз жерине укуктарын калыбына келтирүү же ал аймак ордуна компенсация алуу үчүн, о. эле дискриминацияга каршы күрөшүүдө.



Э. Резерфорд.

Ад.: Кабо В. Р., Современное положение аборигенов Австралии, «Советская этнография», 1962, № 5; Национальные проблемы Канады, М., 1972; Национальные процессы в США, М., 1973.

РЕЗЕРВУАР (лат. reservo — сактайм) — суюктук, газ сактала турган чоң коломдүү идиш. Р. жер үстүнө, жер астына металлдан, темир-бетондон ж-а жыгачтан (убактылуу сактоо үчүн) цилиндр, призма, сфера формасында курулат. Вертикаль цилиндр формасындагы Р-лар көп колдонулат. Р. арналуусуна ж-а кандай зат сактала турганына жараша жылуулукту ж-а нымды өткөрбөгөндөй жасалат, ички бети атайын материалдар (мис., кислотага туруктуу) м-н капталат. Р. жылыткыч, сактагыч ж. б. клапандар, арматура, кабыл алгыч-жоготкуч түзүлүштөр, тазалагыч жабдуулар м-н жабдылат, к. *Нефть сактагыч*.

РЕЗЕРФОРД Эрнест (30. 8. 1871. Жаңы Зеландия, Брайтуотер — 19. 10. 1937. Кембриж) — англис физиги, ядро физикасын негиздөөчү. Жаңы Зеландия ун-тин бүтүргөн (1894). 1897-ж. Монреалда (Канада), 1907-ж. Манчестерде физика кафедрасын башкарган. 1919-жылдан өмүрүнүн акырына чейин Кембриж ун-тинде проф. ж-а Кавендиш лабор-ясынын директору. Р-дун негизги иштери атом ядросуна арналган. Эманация теориясын ачкан (1900). Атомдордун радиоактивдүү ажыроо теориясын (Ф. Содди м-н бирге) түзгөн (1903). Атомдун Күн системасына окшош планетардык моделин сунуш кылган (1911). 1919-ж. элементтердин жасалма жол м-н ажырай тургандыгын биринчи жолу көрсөткөн. Дүйнөдөгү көчүлүк академиялардын, о. эле СССР ИАнын ардактуу мүчөсү. Нобель сыйл. лауреаты (1908). Р-дон П. Л. Капица, Ю. Б. Харитон, Г. Моэли, Ж. Чедвик ж. б. атактуу физиктер таалим алган.

РЕЗЕРФОРД (бирдик) — радиоактивдүү булактагы нуклиддин (изотоптун) активдүүлүгүнүн системадан тышкары бирдиги. Э. *Резерфорддун*

ысмынан коюлган. Белгилениши *рд*, эл аралык *Rd*. Секундасына 10^6 жолу ажыроого эө болгон ар кандай нуклиддин активдүүлүгү 1 *рд*го барабар. 1 *рд*$=10^6$ *сек*$^{-1}$. Р. практикада колдонулбайт.

РЕЗЕРФОРД ФОРМУЛАСЫ — α-бөлүкчөлөрдүн атом ядролорунун кулондук талаасынан чачыраган учурда дифференциалдык эффективдүү кесилишин аныктаө үчүн 1911-ж. *Резерфорд* киргизген формула. Ал төмөнкүдөй жазылат:

$$\frac{d\sigma}{d\Omega}=\left(\frac{Z_1Z_2e^2}{2mv^2}\right)^2\frac{1}{\sin^4(\vartheta/4)},$$

мында Z_1e — чачыратуучу бөлүкчөнүн (ядронун) заряды, Z_2e — чачыраган (α-) бөлүкчөнүн заряды, ал эми m ж-а v — чачыраган бөлүкчөлөрдүн массасы ж-а ылдамдыгы, ϑ — чачыроо бурчу. Мында $\frac{d\sigma}{d\Omega}$ — аныктама б-ча бир бирдик перселик бурчка чачыраган α-бөлүкчөлөрдүн саны берет. Ошондуктан формуладан корунгөндөй чачыраган α-бөлүкчөлөрдүн саны чачыроо бурчуна ϑ коз каранды ж-а ал бөлүкчөлөрдүн саны ϑ чачыроо бурчунун азайышы м-н тез өсөт. Бул формуланы Э. Резерфорд тажрыйба жүзүндө текшерип, ал атомдун бардык массасы негизинен оң заряддалган ядрого топтолгон деген тыянакка келип, атом *ядросун* ачкан.

РЕЗИДЕНТ (лат. residens — өз ордунда калуучу) — 1) о. кылымдарда бир өлкөдө дайыма туруучу чет элдик дипл. өкүл. 2) Метрополиянын протекторааттагы өкүлү. 3) Чалгындоонун чет мамлекетте жашырын туруучу (тургун) өкүлү.

РЕЗИДЕНЦИЯ (лат. resideo — ордумда калам дегендей) — өкмөт, о. эле мамлекет башчылары ж. б. жог. кызматкерлер турган жер.

РЕЗИНА (лат. resina — чайыр) — табигый ж-а синтет. каучуктардын *вулканизациялан* алынган продукт. Р-ның составында түрдүү функцияларды аткаруучу 15—20%ке чейин кошулма заттар болот. Р. башка полимер материалдардан өтө серпилгичтиги, чоюлуп кайра калыбына келүүсү, темп-ралык чоң интервалда деформацияланышы м-н айырмаланат. Р. бышыктыгы, ысыкка ж-а суукка чыдамдуулугу, агрессиячыл чөйрөгө туруктуулугу жагынан каучуктардан жогору турат. Эл чарбасынын ар кандай тармагында пайдаланууу шартына жараша: жалпы пайдаланууучу, ысыкка чыдамдуу, суукка туруктуу, электр тогун өткөрбөөчү, майларга, бензинге, агрессиячыл чөйрөлөрго, радиацияга туруктуу ж. б. болуп бөлүнөт. Р. көбүнчө электр кабелдерин, машина, трактор, самолёт үчүн деңгээлек жасоодо кеңири колдонулат.


РЕЗИНА БУЮМДАРЫ негизинен үч класска бөлүнөт: 1) *шиналар;* 2) автомобилде, учуучу аппараттарда, кемеде, а. ч. машинасын курууда, т. ж. транспортунда, курулушта ж. б. комплекттөөчү тетик катары колдонулуучу резина-тех. буюмдар; 3) тиричиликте кеңири керектелүүчү Р. б. (бут кийим, килемчелер, сууда жургөндө кийүүчү кийимдер, мээлей, упчу ж. б.). Кончулук Р. б. катуу каучуктан, кээ бирлери, мис., жука тигинсиз мээлей, резина жиби ж. б. латекстен жасалат. Р. б-н катуу каучуктан жасоо эки стадиядан турат: 1) каучук м-н атайын кошулманы жабык резина аралаштыргычта аралаштырып, резина аралашмасын алуу; 2) ал чала фабрикатты 140°С—200°С темп-рада ж-а 0,3—20 *Мн/м*^{2} (3—200 *кгк/см*^{2}) басым астында вулкандоо. Р. б-н жасоодо колдонулуучу текстиль материалдар, металлдар алдын ала иштетилет. Текстиль материалдарына атайын машиналарда резина желими же атайын состав сиңиртилип, резина аралашмасы сүйкөлөт. Металлдар орг. эритмелери м-н майынан тазаланып, бетине желим сүйкөлөт же латунь м-н чайкалат.

РЕЗИСТОР (лат. resisto — каршылык көрсөтөм) — электр тизмегинин токту ж-а чыңалууну жонго салуу максатында токко белгилүү каршылык көрсөтүүчү структуралык элементи. Р. радиоэлектрондук түзүлүштөрдүн тетиктеринин кончулугун түзөт. Кээ бир Р. темп-раны өлчөөгө колдонулат, бул учурда темп-раның таасирине металлдардын (платина, жез) электр каршылыктарынын өзгөрүү касиети пайдаланылат. Р. эталондук каршылык катары кеңири пайдаланылат. Ө. ж-да чыгарылган Р. каршылыктын номиналдуу маанисинен четтөөгө (0,25%тен 20%ке чейин) жол берилген каршылыктардын мааниси (1 *омдон* 10 *Момго*) ж-а кубатынын азайышы (0,01—150 *Вт*ка чейин) б-ча айырмаланат. Р. каршылыгы аның ток өткөрүүчү бөлүгүнүн физ. касиеттерине ж-а өлчөмдөрүнө байланыштуу аныкталат. Ток өткөргүч бөлүгү жасалган материалга жараша Р. металлдык, көмүр тектүү, суюктуктуу, карапа ж-а жарым өткөргүчтүү болуп бөлүнөт.

Ад.: Малинин Р. М., Резисторы, 2 изд., М., 1969.


РЕЗОЛЬВЕНТА (лат. resolvo — чечем, чыгарам) (матем.) — чечилме теңдеме, чыгарылма функция (ядро) же чыгарылма оператор. «Р.» терминин алгебрада бир нече мааниде колдонулат. 1) n-даражалуу $f(x)=0$ алгебр. теңдеменин Р-сы деп $f(x)$тин коэффициенттерине рационалдуу коз каранды болгон $g(x)=0$ алгебр. теңдемеси аталат, анткени даражасы n ден чоң болгон жоноко теңдемелерди чыгаруунун натыйжасында көбүл алынган чечим. 2) Жооптуу кызматкердин чечими, пикири түюнтулган документ ж-а иш кагаздарындагы жазуу.

РЕЗОНАНС (лат. resono — үн чыгарып жооп берем) — аргасыдан термелүүчү системанын амплитудасынын кескин чоюлуу кубулушу. Мындай кубулуш мезгилдүү аракеттенүүчү сырткы күчтүн жыштыгы термелме системанын өздүк термелүү жыштыгына жакындаган учурда байкалат. Р-тын мүнөзү термелме системанын касиетине коз каранды. Гармоникалык законго баш ийген күч бир эркин даражалуу термелме системага аракеттенген учурун караганда Р-тын типтүү өзгочөлүктөрү түшүндүрүлөт: мис., $F=F_0\cos\omega t$ гармоникалык күч аракеттенген пружинага илинген m масса (к. 1-сүрөт), же индуктивдүү



1-сүрөт. Механикалык термелүү системасы.

L түрмөк, сыйымдуулук C, каршылык R ж-а гармоникалык закон б-ча өзгөрүүчү э. к. к. булагы удаалаш бириктирилген электр тизмеги (к. 2-сүрөт). Пружина Гук законуна баш иет дейли, б. а. пружинанын m массага аракет өткөн күчү kx ке барабар,



2-сүрөт. Сыйымдуулук C м-н индуктивдүүлүк L ди удаалаш туташтырылгандагы электр термелүү системасы.

x — массанын тең салмактуу абалынан жылышы, k — серпилгич коэффициент. Масса кыймылдаганда чөйрө каршылыгына дуушар болот; бул каршылык күч bx ке барабар, x — массанын ылдамдыгы, b — чөйрөнүн

$+a_4=0$ ($k=1,2,3$) (2) квадраттык теңдемесин чыгаруу м-н x_1, x_2, x_3, x_4 тамырларын табууга болот. Чындыгында эле, эгер α_k, β_k ($k=1, 2, 3$) (2) теңдеменин тамырлары болсо, анда $x_1x_2=\alpha_1$, $x_3x_4=\beta_1$, $x_1x_3=\alpha_2$, $x_2x_4=\beta_2$, $x_1x_4=\alpha_3$, $x_2x_3=\beta_3$ ж-а $x_1^2=\alpha_1\alpha_2/\beta_3$ ж. б. «Р.» терминин бир аз өзгөртүлгөн маанide *Галуа*, Н. Г. Чеботарёвдун резольвента проблемаларында колдонулат. 2) $\varphi(s)+\lambda\int_a^s K(s,t)\varphi(t)dt=f(s)$ интегралдык теңдеменин Р-сында s, t өзгормосуно ж-а λ параметрине баш ийген теңдемесинин өздүк эмес маанисине ээ болгон учурда $f(s)+\lambda\int_a^s \Gamma(s,t,\lambda)f(t)dt$ түрүндөгү чыгарылышка келген $\Gamma(s,t,\lambda)$ функциясын айтабыз. Бул түшүнүктү операторлор теориясына колдонууга болот.

РЕЗОЛЮЦИЯ (лат. resolutio — чечим) — 1) коллегиялуу органдын жыйынында (съезд, конф-я, сессия), чогулуш ж. б-ларда кандайдыр бир маселени талкуулоонун натыйжасында кабыл алынган чечим. 2) Жооптуу кызматкердин чечими, пикири түюнтулган документ ж-а иш кагаздарындагы жазуу.

РЕЗОНАНС (лат. resono — үн чыгарып жооп берем) — аргасыдан термелүүчү системанын амплитудасынын кескин чоюлуу кубулушу. Мындай кубулуш мезгилдүү аракеттенүүчү сырткы күчтүн жыштыгы термелме системанын өздүк термелүү жыштыгына жакындаган учурда байкалат. Р-тын мүнөзү термелме системанын касиетине коз каранды. Гармоникалык законго баш ийген күч бир эркин даражалуу термелме системага аракеттенген учурун караганда Р-тын типтүү өзгочөлүктөрү түшүндүрүлөт: мис., $F=F_0\cos\omega t$ гармоникалык күч аракеттенген пружинага илинген m масса (к. 1-сүрөт), же индуктивдүү L түрмөк, сыйымдуулук C, каршылык R ж-а гармоникалык закон б-ча өзгөрүүчү э. к. к. булагы удаалаш бириктирилген электр тизмеги (к. 2-сүрөт). Пружина Гук законуна баш иет дейли, б. а. пружинанын m массага аракет өткөн күчү kx ке барабар, x — массанын тең салмактуу абалынан жылышы, k — серпилгич коэффициент. Масса кыймылдаганда чөйрө каршылыгына дуушар болот; бул каршылык күч bx ке барабар, x — массанын ылдамдыгы, b — чөйрөнүн

сүрүлүү коэффициенти. Сырткы гармоникалык күч аракеттенген m массанын кыймыл теңдемеси:

$$m\ddot{x}+b\dot{x}+kx=F_0\cos\omega t,$$


F_0 — термелүүнүн амплитудасы, ω — айлануу жыштыгы, $\ddot{x}$ — массанын ылдамдануусу. Бул теңдеме эки чыгарылыштын суммасынан турат. Биринчиси баштапкы термелткич күчтүн аракетинен системанын эркин термелүүсүнө, экинчиси аргасыз термелүүсүнө дал келет. Электрдик термелүү системада пайда болгон Р-тын принциби мех. Р-ка окшош. Р-тын практикалык мааниси зор: радиотехникада радио кабылдагычты керектүү толкунда иштетүү үчүн пайдаланылат. Курулмаларда, конструкцияларда, машинада пайда болуучу Р. зыянду; аны болтурбоо үчүн чара көрүлөт.

РЕЗОНАНС ТЕОРИЯСЫ — орг. химиядагы молекулалардын классикалык түзүлүш теориясын толуктаган концепция. Р. т. б-ча молекуладагы атомдордун валенттүүлүгүн сактоо м-н бир молекулага бир нече структуралык формула жазууга болот. Мис., бензол үчүн эки эквиваленттүү формуладан (Кекуленин структурасы) башка да төмөнкү үч формуланы (Дьюардын структурасы) жазууга болот.



Молекуланын чыныгы формуласы резонанс формулаларынын бирине да туура келбей, өтөлордун айкалышына туура келет. Р. т. орг. химиядагы эксперименттик изилдөөлөргө негизделген. Бул теорияны амер. илимпоз Л. *Полинг* сунуш кылган (1928—31).


РЕЗОНАНСТУУ НУРЛАНУУ — байланышкан заряддар системасынын (мис., атом, атом ядросу) нурлануу жыштыгы аны дүүлүктүргүч жарыктын термелүү жыштыгына дал келип, нур таратышы. Мындай нурду газ, суюктук ж-а катуу перселер чыгарат. Р. н-ну патрий буусунун жарыкроосун изилдөөдө амер. физик Р. Вуд ачкан (1905). Р. н-ну дүүлүктүрүү үчүн



атом же башка байланышкан заряддар термелүү жыштыгы ν болгон жарык м-н нурланышат. Атом $h\nu$ (h — Планк туруктуулугу) кванттын энергиясын сиңирүү м-н негизги E_0 деңгээлден дүүлүккөн E_2 деңгээлге өтөт (к. сүрөт). Атом дүүлүккөн E_2 абалдан E_0го өтүүдө Р. н-ну чыгарат, б. а. атом ν жыштыктуу квантты болуп чыгарат да нурлануу спектринде резонанс сызыгы пайда болот. Р. н. атайын шартта (сейректелген атом буусунда, тоңдурулган эритмедө) гана байкалат. Адатта атом дүүлүккөн абалдан нур чыгарбастан аралык E_1 деңгээлге өтөт да, андан негизги абалга өткөндө жыштыгы удан аз болгон нур чыгарат.

РЕЗОНАТОР — *резонанс* кубулушун пайда кылуучу система же перее. Р. акустикалык (керилген кыл, камертон, мембрана, аба мамычасы ж. б.), электрдик (термелме контур, көлөмдүк Р.), кварц Р-у болуп болунот.

РЕЗОРЦИН, *м*-диоксибензол — эки атомдуу фенол, таттуу даамы бар, түссүз кристалл. Эрүү t 110,8°С, кайноо t 280,8°С. Суу, спирт, эфирде эрийт. Көп атомдуу фенолдор сыяктуу Р. конденсация, галогендөө, нитрлөө реакцияларына ыңгайлуу келет. Р. ө. ж-да *м*-бензолдисульфокислотасын жеңич м-н бирге эритүүдөн алынат. Ал полимерлерди, азобоёкторду, жарылгыч ж-а дары заттарды алууда, о. эле аналит. химияда цинк, коргошун ж. б. элементтерди, канттарды, фурфуролду, лигнинди колориметриялык жол м-н аныктоодо ж-а медицинада колдонулат.



РЕЗУС-ФАКТОР — кишилердин 85%нинин, о. эле маймылдардын (macacus rhesus) эритроциттеринде *антиген*. Р.-ф. системасы бир нече антигенден турат. Эритроциттеринде Р.-ф-у бар кишинин каны резус-оң деп аталат. Р.-ф. өмүр бою өзгөрүлбөйт. Кан куйганда Р.-ф. сөсүз эске алынат. Р.-ф-у бар кан Р.-ф-у жок (резус-терс) ооруулуу кишиге куюлса, аның кынында атайын *антителолор* пайда болот. Эгерде ошондой кан кайталанып куюлса, ооруулуу гемотрансфузия реакциясына учурайт (эти ысыт, чыйрыгат, бели ооруйт; оор учурда *эритроцитгер* бузулат). Аны дарылоодо кан агызылып, резус-терс кан куюлат. Каны резус-терс аялдын биринчи баласы резус-оң болуп төрөлсө, кийинки балдары боюнан түшүнү же төрөлсө, кандын дартына чалдырыгы мүмкүн. Аны алдын алууда антирезус-гамма-глобулин колдонулат.

РЕЗЮМЕ (фр. résumé — кыскача баян) — сөз, макала, доклад ж-а бапдарын кыскача корутундусу.

РЕПД — редакциянын массалык иштеринин бир формасы; ишканаларды, мекемелерди коомдук текшерүү иштине жумушчу ж-а айыл кабарчылар активинин тартылышы. 1928-ж. Харьковдун жумушчу кабарчыларынын демилгеси м-н пайда болгон. Р-ге кадышкандар текшерген иштинин жыйынтыгы б-ча материал жазып, газета-журналдарга жарыялап турат.



М. Рейман.

РЕПКА (нивелирлик) — нивелирлөөдө колдонуучу өлчөгүч курал. Бетине шкала түшүрүлгөн, туура кесилиши тик бурчтук, уз. 3—4 *м* болгон жыгач тактайча. Шкаланын түрүнө жараша чакмактуу Р. ж-а майда сызыктуу (штрихтүү) Р. болуп ажыратылат. Нивелирлөөнү өтө так жүргүзүү үчүн майда сызыктуу Р. колдонулат.

РЕЙКЬЯВИК — Исландиянын борбор шаары. Өлкөнүн башкы экон. ж-а маданий жайы. Исландия а-ның түштүк-батыш жээгинде. Атлантика океанынын Фахсафлоун булуңунда. Калкы 85 миң (1978). Р. — эл аралык деңиз ж-а аба жолдор тоому. Ө. ж. негизинен балык чарбасын ж-а балык уулоочу флотту тейлейт. Балык (ун, жер семирткич, май ж. б.), кеме куруу ж-а ондоо, тор түйүү, балык промыселине жабдуу чыгаруу, бут кийим ж. б. ишканалары иштейт. Жүндөн жип ийрүү ж-а кездеме токуу өнүккөн. Ө. ж. ж-а турак жайлары

Рейкьявик ш-ның жалпы көрүнүшү.

табигый ысык суудан жылыйт. Шаарда ун-т, бир нече ил. коом, китепканалар ж-а музейлер бар. Р. 875-ж. негизделген.

РЕЙМАН Макс (31. 10. 1898, Польша, Эльбинг, азыркы Эльблонг — 18. 1. 1977, Дюссельдорф) — Германия ж-а эл аралык жумушчу кыймылынын ишмери. Жумушчу үй-бүлөсүнөн. 1913-ж. Соц. жумушчу жаштар союзуна, 1916-ж. «Спартак союзуна» кирген. ГКП негизделгенден аның мүчөсү. 1918-жылдагы Ноябрь рев-ясына активдүү катышкан. 1919-ж. Кёнигсберг сепилинде бир жыл камакта болгон. 1920—28-ж. Рур обл-нда иштеп, саясий ж-а профсоюздук иш жүргүзгөн. 1932-ж. Рур обл-ндагы рев-ячыл профсоюздук оппозициянын секретары. Германияда фаш. диктатура орногон соң (1933) жашырын иштеген. 1939-ж. камалып, 1942-ж. Заксенхаузен, 1944-ж. ноябрда Фалькензе концлагерине которулуп, ал жерде жашырын уюмдун комитетин жетектеген. Лагерь 1945-ж. Р-дын жетекчилиги м-н Сов. Армияга өткөн. Р. 1945—48-ж. ГКПнин Рур обл-ндагы

уюмунун биринчи секретары, 1948—54-ж. ГКП башкармасынын пред-ли, 1954-ж. ГКП башкармасынын биринчи секретары. 1949-ж. Батыш оккупациячыл бийлик м-н Христиан-демокр. союздун саясатын сындаганы үчүн камакта болгон. 1971-жылдан ГКПнин ардактуу президенти, 1973-жылдан ГКП Башкармасынын президиумунун мүчөсү. 1968-ж. Октябрь Революциясы ордени м-н сыйланган.

Ад.: Влияние Великого Октября на трудящихся Германии, М., 1967.

РЕЙН — Батыш Европадагы дарыл. Уз. 1320 *км*, алабынын аянты 224,4 миң *км*² (Маас д-нын алабын кошогондо). Швейцария, Лихтенштейн, Австрия, ГФР, Франция, Нидерланддын аймактарынан агат. Альп тоолорунан башталат. Р. Боден көлү, Жог. Рейн ойдуңу аркылуу агып, Рейн Сланецтүү тоолорун кесип өтөт да, Орто Европа түздүгү м-н өтүп, Түн. деңизге куят. Башкы куймалары: Аare, Мозель, Маас (сол), Неккар, Майн, Рур (оң). Жыл бою суусу мол. Жылдык орт. чыгымы Аarenин чатында 420 $м^3/сек$, Базель ш-нда 1030 $м^3/сек$, дельтасына жакын 2500 $м^3/сек$. Эң көп чыгымы 11 000 $м^3/сек$. Тоңбойт. Базель ш-на чейин (886 *км*) кеме жүрөт. Р. каналдар аркылуу Дунай, Рона, Марна, Везер, Эльба, Эмс д-лары м-н туташат. Гидроресурсун ГФР, Франция, Швейцария толук пайдаланат. Ири порттору: Базель (Швейцария), Дуйсбург-Рурорт, Мангейм, Людвигсхафен (ГФР), Роттердам (Нидерланд).

«РЕЙН ГАЗЕТАСЫ», нем. толук аты «Саясат, соода жана кол өнөрчүлүк маселелери боюнча Рейн газетасы» — күн сайын немец тилинде чыккан гезита. Пруссия өкмөтүнө оппозициячыл мамиледеги либералдык буржуазиянын өкүлдөрү негиздеген. 1842-жылдын 1-январынан 1843-жылдын 31-мартына чейин Кёльдө чыккан. «Р. г.» м-н К. Маркс 1842-ж. апрелде кызматташа баштап, октябрда анын редактору болгон. Гезитага К. Маркс өзүнүн идеализмден диалек. материализмге ж-а рев-ялык демократизмден коммунизмге өтүүсүн айкындаган бир топ макаласын жазган. «Р. г.» м-н Ф. Энгельс да кызматташкан. Патыйжада ал улам рев-ялык-демокр. багыт ала баштагандыктан Пруссия өкмөтү аны куугунтуктаган. Бул адегенде редакциядан К. Маркстын кетишине (1843, 17-март), анан гезетанын жабылышына алып келген (1943, 31-март).

РЕЙНОЛДС САНЫ—плээшкек суюктуктун (газдын) агымын мүнөздөөчү ж-а алар үчүн *инерция күчүнүн* плээшкек күчүнө болгон катышын аныктоочу *өлчөмсүз чондук*: $Re = \rho v l/\mu$, мында ρ — тыгыздык, μ — суюктук же газдын плээшкектигинин динамикалык коэффициенти, v — агым ылдамдыгы, l — сызыктуу өлчөм. Цилиндр түтүктөгү агым үчүн $l=d$ (мында d — түтүктүн диаметри), ал эми $v=v_{орт.}$ ($v_{орт.}$ — агымдын орт. ылдамдыгы). Р. с. англис физиги О. Рейнольдс ысмынан аталган.

РЕЙН СЛАНЕЦТҮҮ ТООЛОРУ — ГФРдеги (бир аз бөлүгү Бельгия, Франция, Люксембургда) тоо массиви. Рейн д-нын ортоңку агымында (ойуз-бүйүзүндө) жайгашкан. Уз. 400 *км*, бийик. 880 *м*ге чейин (Гросер-Фельдберг чокусу). Сланец, кварцит, о. эле кумдук, акиташ тоо тектеринен түзүлгөн. Р. С. т-нун айрым массивдери (Ардени, Эйфель, Хунсрюк, Таунус ж. б.) Рейн, Мозель, Лан, Наэ ж. б. дарыялардын терең, куюш өрөөндөрү м-н бөлүнөт. Аларда жалпак платолор басымдуу. Платолордон бийик. 300—400 *м*ге жеткен кырка тоолор (Таунус, Хунсрюк) көтөрүлүп жатат. Капталдарын токой (бук, карагай), жалпак платолорду саздак жерлер ж-а бадалдар ээлейт. Түн. өтегиндеги ойдунда Рур таш көмүр бассейни жайгашкан.

РЕЙН СОЮЗУ (1806—13) — Франция м-н Батыш ж-а Түш. Германиянын 16 мамлекетинин келишимине (1806-ж. 12-июлда Парижде кол коюлган) ылайык Наполеон Iнин протекторатчылыгы м-н түзүлгөн бир катар герман мамлекеттеринин бириксеси. Р. с-на мүчө мамлекеттер «Ыйык Рим империясынан» (ал 6-августта жоюлган) бөлүнүп, Франция м-н согуштук союзга биригишкен. Алар чыңдыгында Франциянын вассалдары болушкан. 1811-жылга чейин Р. с-на германдык дагы 20 мамлекет кошулган. Р. с-нун көчүлүк мамлекеттерине Наполеондун гражд. кодекси киргизилген. Франциянын Германияга үстөмдүгүн орнотуу максатын көздөгөн союз 1813-ж. Лейпциг салгылашында Наполеондун аскерлеринин жеңилиши м-н жоюлган.

РЕЙНХАРДТ Макс (9. 9. 1873, Австрия, Баден — 30. 10. 1943, АКШ, Нью-Йорк) — немец режиссёру, актёр ж-а театр ишмери. 1894-ж. Вена консерваториясынын театр мектебин бүткөндөн кийин Братислава, Зальцбург театрларында иштеген. 1894—1904-ж. Немец театрында (Берлин) актёр. Режиссёрдук ишти 1901-ж. баштаган. Жаңы театрды (1903—06), «Камерныйлени» (1906), «Комедияны» (1924), «Фольксбюнени» (1915—19) ж-а «Позефштадттеатрды» (1923—37, үзгүлтүк м-н) башкарган. Негизги режиссёрдук иши 1905—33-ж. (үзгүлтүк м-н) башкарган Немец театры м-н байланыштуу. Р. театрдагы эски, натуралдык ыкмаларды четке кагып, спектаклдеринде живопистик, жарыктын, добуштун таасирлерине бай жасалгаларды, бий м-н музыканы кеңири пайдаланган. Актёрдук оюндун ийкемдүүлүгүнө, соз сүйлөө мад-тына, мүнөздөрдүн психол. жактан так ишителишине көңүл бөлгөн. Чыг-лыгында реалисттик драматургияга кайрылган, немец классикасын, байыркы доордон Эсхил, Эврипид, Софокл, Аристофан, о. эле У. Шекспир, М. Горький, А. Чехов, Б. Шоу, Р. Роллан ж. б. авторлордун чыг-ларын койгон. Белгилүү спектаклдери: «Эдип падыша» (Софокл), «Жай түнүндөгү түш» (У. Шекспир), «Түпкүрдө» (М. Горький), «Фауст» (И. Гёте), «Күн батаарда» (Г. Гауптман). 1933-ж. Германиядан кетип, Австрия, Франция, АКШда иштеген. Голливудда театр мектебин ачкан, фильм тарткан. Р-тын чыг-лыгы АКШнын ж-а Европа өлкөлөрүнүн актёрдук ж-а режиссёрдук өнөрүнө чоң таасир тийгизген.



М. Рейнхардт.

Ад.: Гвоздев А., Западно-европейский театр на рубеже XIX и XX столетий, М.—Л., 1939; Болдинева Л. Г., Макс Рейнгардт, «Театр», 1974, № 3.

РЕЙС (нем. Reise — саякат) — кеме, самолёт, автобус ж. б-дын аралыктын бир кыйырынан экинчи кыйырына чейинки маршруту.

РЕЙТЕР — англис информ. агентствосу. Чет өлкө информацияларын берүүгө адистешкен. 1851-ж. Лондондо П. Ю. Рейтер деген адам тарабынан негизделген. Улуу Британия, Австралия ж-а Жаңы Зеландиянын бир катар информ. агентстволору «Рейтерс, лимитед» компаниясына акционер. Капиталисттердин жеке менчик трести болсо да, Р. ишмердүүлүгүнө Улуу Британиянын жарым-жартылай официалдуу телеграф агентствосу деп таанылат.

РЕЙХШТАД КЕЛИШИМИ 1876-ж. 26 (8-июль)-июнда Россия м-н Австрия-Венгрия ортосунда Балкан маселеси б-ча Рейхштад сепилинде (Чехия) жашырын түзүлгөн. Р. к. Сербия, Черногориянын Турция м-н болгон согушунда эки державанын кийлигишүүсүн караган. Австрия-Венгрия Р. к-не Россия Балканда ири славян мамлекетинин түзүлүшүнө жардам бербейт деген жобону киргизүүгө жеткишкен. Р. к. б-ча Россия Австрия-Венгриядан 1856-ж. Париж тынчтык келишими б-ча ажыраган Түш.-Батыш Бессарабияны ж-а Батумини кошуп алуу макулдугун алган.

Публ.: Сб. договоров России с другими государствами, М., 1952.

РЕКАБАРРЕН Луис Эмилио (6. 7. 1876—19. 12. 1924) — Чили ж. б. Латын Америка өлкөлөрүнүн жумушчу кыймылынын ишмери. Басмаканада жумушчу кезинде басма сөздө иштегендердин бир катар иш таштоолорун башкарган. Чилиде күн сайын чыгуучу марксчыл гезеталарды түзүүгө демилгечи болгон. Р. жумушчу ж-а профсоюздук ийримдер уюштуруп, марксизм-ленинизмди пропагандалаган. Р.— Чили Соц. жумушчу партиясын (1912-ж. түзүлүп, 1922-жылдан компартия аталган) негиздөөчүлөрдөн ж-а анын жетекчилеринен.

Эмиграцияда жүрүп, Аргентина Компартиясын түзүүгө катышып, анын биринчи ген. секретары болгон. 1922-ж. ноябрь — 1923-ж. февралда Сов. Союзунда болгон. Чилиге кайтып барып, «Жумушчу Россия» деген китеп жазган. Р.— Чилинин жумушчу ж-а соц. кыймылы б-ча бир катар китепчелердин автору.

РЕКВИЕМ (лат. requiem — тынч, бейкут) — өлгөн кишинин эстелигине арналган кошок мисал муз. чыгарма (месса), аза күтүү мүнөзүндөгү көп үндүү циклдик хор чыгармасы. Р. католик чиркөөлөрүнүн о. кылымдагы полифониялык музыкасында месса түрүндө калыптанган. Кийин Р. динге байланышпаган эркин тексттерге да жазылып, концерттерде аткарылган. 17—18-к-да Берлиоз, Моцарт, Брамс, Верди ж. б. композиторлор симф. оркестрдин коштоосунда солист ж-а хор аткаруучу ири чыгарды жазышкан. Азыркы кездеги композиторлордон: Б. Бриттендин «Согуш реквиеми», Д. Кабалевскийдин «В. И. Ленинди эстелигине симфония-реквиеми» (1933) ж-а фашизмдин курмандарынын эстелигине арналган Р-н (1963) белгилүү.

РЕКВИЗИТ (укукта) — закон б-ча документте көргөзүлүүчү өтө керектүү даректер (кабарлар). Мис., мөөр, дата, документтин түзүлгөн жери ж. б. Керектүү Р. жок болсо, ал документ жараксыз деп эсептелет.

РЕКВИЗИЦИЯ (лат. requisitio — талап алуу) — жеке адамдын менчик байлыгын пайдалануу үчүн мамлекеттин зордук м-н (бирок акысын төлөп) тартып алышы. СССРде закондо каралган жагдайда, өтө зарыл учурда ж-а өтө чукул шашылыш абалда (согуш, табигый кырсык, эпидемия ж. б.) гана Р-га жол берилет. Р. ж-а буюмдарды конфискациялоо ж-дөгү РСФСРде колдонулуп жүргөн закон жыйнагына ылайык транспорт каражаттары, кийим-кечек, азык-түлүк ж. б. реквизицияланат. Тартып алынган буюмдун акысы мамл. баа б-ча Р-лагандан соң бир айдан кечиктирилбестен төлөнүп берилет. Кээ бир карбалас жагдайларда буюмдар убактылуу реквизицияланат (мис., суу ташкыны убагында кайыктар); андай жагдайлар жоюлган соң буюм ээсине кайтарылып берилет.

РЕКЛАМА (лат. reclamo — жар салам) — 1) сатуу ж-а кардар табуу максатында товарлардын сапаты, сатылуу жолдору тууралуу жарыялануучу маалымат. 2) Адам, уюм, ад-т ж-а иск-во чыг-лары ж-дөгү маалыматтарды алардын беделин көтөрүү үчүн эл арасына жайылтуу. Р-ның жөнөкөй түрү б. з. ч. эле Байыркы Грецияда м-н Римде болгон. Р. айрыкча капитализм учурунда ыкчам өнүккөн. Басма Р-ның пайда болушу (17-к-дын башы) У. Кэкстондун (Англия), Т. Реподонун (Франция) ысмына байланыштуу. Дүйнөдөгү түңгуч Р. бюросу 1611-ж. Лондондо ачылган. Азыр Р. каражаттарына басма сөз (гезета-журнал, афиша, бюллетень ж. б.), радио, телекөрсөтүү, кинематограф, о. эле витрина, жарык жарлыгы, товар таңгагы (упаковка), фирмалык белги сыяктуулар кирет. Р. өнөрү синтет. мүнөздө болуп, анда о. ж. графикасы, плакат, коркомдоо өнөрү, арх-раның чакан формалары эриш-аркак пайдаланылат. Капит. өлкөлөрдө Р. базарда товар өткөрүү, ашык пайда көрүү, элге саясий ж-а идеол. таасир берүү үчүн кызмат кылат. Бул айрыкча шайлоо алдындагы, экон. ж. б. кампанияларда даана байкалат. Соц. өлкөлөрдө Р. акыйкатчылдыгы м-н айырмаланып, пландуу түрдө жүзөгө ашырылат; калк керектөөсүн канаатандырууга түрткү берип, соц. экономика м-н мад-тты өркүндөтүүгө көмөктөш. Совет өкмөтүнүн алгачкы декреттеринин бири Р. ж-дө болгон. Ал 20—30-жылдары шаар м-н кыштак ортосунда товар жүгүртүүгө, о. ж. м-н сооданын байланышын чыңдоого өбөлгө түзгөн. СССРде атайын Р. уюмдары («Өнөр жай реклама», «Москва соода рекламасы» ж. б.) бар. Кырг-нда Р. «Кыргыз соода рекламасы» ж-а реси-калык басма сөз аркылуу жайылтылат.

Ад.: Воронов К. Г., Реклама в торговле капиталистических стран, в сб.: Науч. записки Всесоюзной акад. внешней торговли, в. 13, М., 1967; Деггярёв Ю. А., Корнилов Л. А., Торговая реклама: экономика, искусство, М., 1969; Справочник по торговой рекламе, пер. с нем., М., 1972; Советский рекламный плакат. 1917—1932; Торговая реклама. Зрелищная реклама. Альбом, М., 1972.

РЕКЛАМАЦИЯ (лат. reclamatio — каршылык, колдонбоо) — даттаныч, протест. Сов. гражд. укукта продукциянын, аткарылган иштин кемчилигин жоюуну же баасын арзандатууну, келтирилген зыянды төлөп берүүну талап кылуу. Р. мүлктү же аткарылган ишти алары м-н билдирилиши керек.

РЕКЛЮ Жан Жак Элизе (15. 3. 1830, Сент-Фуа-ла-Гранд, Франция, Жиронда —4. 7. 1905, Бельгия, Тюрнхаут) — француз географы, социолог. 1-Интернационалдын мүчөсү. Париж Коммунасынын катышуучусу. Р-ну саясий шылтоо м-н 2 жолу (1851—57 ж-а 1871-жылдан өмүр бою) өлкөдөн куугунтукташкан. 1-эмиграциясында Англия, Ирландия, АКШ, Колумбия, Перуда, 2-эмиграцияда Италия, Швейцария, Бельгияда жашаган. Чет өлкөлөрдүн географиясы, калкы, экономикасы ж-а мад-ты б-ча көп маалыматтар жыйнаган.

Эмг.: в рус. пер. — Земля и люди. Всеобщая история, т. 1—19, М., 1898—1901; Эволюция, революция и идеал анархизма, М., 1917; Человек и Земля, т. 1—6, СПБ, 1906—09.

Ад.: Лебедева Н. А., Лебедев Н. К., Э. Реклю, М., 1956.

РЕКОГНОСЦИРОВКА (геодезияда) — топогр. съёмкаларды негиздөө үчүн астр-ялык ж-а геодезиялык таяныч пункттардын абалын тандоо максатында аймактагы жердин бетин карап текшерүү. Р. учурунда таяныч пункттарда орнотулуучу геодезиялык белгилердин бийиктиктери эсептелет.

РЕКОМБИНАЦИЯ *(ре...* ж-а combinatio — бириктүү) *генетикада* — аталардын генетикалык материалынын (гендеринин) тукумда кайрадан белүштүрүлүшү. Ал организмдин комбинациялык өзгөрүчтүүгө алып келет. Р.— вирустардан баштап татаал түзүлүштүү өсүмдүк, айбанат ж-а кишиге таандык универсал биол. механизм.

Бактериялар м-н вирустарда көпчүлүк генетикалык процесстер терең изилденген. Аларда болгону бир гана хромосома болуп, ата-энесинен алган генетикалык материалдын Р-сы улул хромосоманын же анын кай бир белүкчөлөрүнүн алмашуусу аркылуу жүрөт. Вирустарда Р. эң жөнөкөй. Бактериялар Р-сынын бир нече жолу бар: *конъюгация* — эки бактерия клеткасынын протоплазмалык көпүрөчө аркылуу биригиши, хромосоманын донор клеткадан реципиент клеткага өтүшү ж-а андан кийин реципиент хромосоманын белүкчөлөрүнө алмаштырылышы; *трансформация* — генетикалык белгинин клетка кабыкчасынан өткөн ДНК молекулалары аркылуу берилиши; *трансдукция* — генетикалык заттардын донордон реципиентке бактериофаг аркылуу өтүшү.

Жог. түзүлүштүү организмдерде Р. *гаметалар* пайда болуудагы *мейоздо* өтөт. Анын натыйжасында тукумда жаңы касиеттер пайда болот. Р-ның мол. механизми толук изилдене элек. Бирок Р. кандай генетикалык натыйжаны берери ж-а ага катышкан фермент системаларынын генетикалык материалда пайда болгон бузулуулар м-н майыптыктарды оңдоо сыяктуу абдан маанилүү процесстерге катышкандыгы белгилүү (к. *Репарация*). Гендердин Р-сынын эволюция ж-а селекция үчүн мааниси абдан зор.

Ад. к. *Репликация* макаласынан.

РЕКОМЕНДАЦИЯ — 1) жазуу жүзүндөгү же оозеки жакшы баа; 2) кеңеш, көрсөтмө, сунуш.

РЕКОНКИСТА (исп. reconquistar — кайра тартып алуу) — 8-к-да мавралар (арабдар м-н берберлер) каратып алган жерди Пиреней ж. а-ндагы жерг. калктын 8—15-к-да кайра тартып алышы. Р. Ковадонга жанындагы салгылаштан (718) кийин башталган. Тартып алган жерлеринде жерг. эл өз алдынча мамлекеттер түзүшкөн. 1085-ж. кастилиялыктар Толедо ш-н алышкан. Пиреней ж. а-на Альморавилер (11-к-дын аягы) м-н Альмохадилердин (12-к-дын ортосу) басып кириши Р-ның өөрчүшүн кыйла кечеңдеткен. 1212-ж. Кастилия, Арагон, Наварраның бириккен күчтөрү Альмохадилерди талкалаган. Кастилиялыктар 1236-ж. Кордованы, 1248-ж. Севильяны, Арагон королдугу 1229—35-ж. Балеар а-дарын, 1238-ж. Валенсияны, португалдар 1249—50-ж. Ал-


гарви аймагын бошоткон. 13-к-дын ортосунда арабдардын колунда Гранада эмирдиги гана калып, 1492-ж. ал да кулаган. Р. Испания м-н Португалия тарыхында зор роль ойноп, алардын саясий-экон. онүгүшүнө, улуттук мад-тынын калыптанышына таасир эткен.

Ад.: Арский И. В., Реконкиста и колонизация в истории средневековой Каталонии, в сб.: Культура Испании, [М.], 1940.

РЕКОНСТРУКЦИЯ *(ре...*, лат. constructio — курулуш) — 1) имараттын функциялык абалын жакшыртуу (мис., театр имаратын учурдун талабына ылайыктоо), жаңы максатта пайдалануу (мис., эски сарайларды музейлерге, коргозмөлөргө ылайыктоо) үчүн кайра куруу. 2) Ураган элдүү пункт, ансамбль, айрым имарат, скульптура, жасалга-колдонмо өнөр чыг-ларын алгачкы калыбына келтирүү (натурада), баяндан жазуу, моделин же чиймесин, сүрөтүн түшүрүү. Р. имараттын сакталып калган бөлүгүнүн, фрагменттердин, жазма эстеликтердин, сүрөт материалдардын негизинде ишке ашырылат. 3) Элдүү пунктту түп тамырынан кайра куруу.

РЕКОРД с п о р т т у к — спорттун түрлөрү б-ча атайын (официалдуу) мелдештерде жеке спортсмендер же командалар эө болгон жог. жетишкендик. Мелдештин деңгээлине ж-а мүнөзүнө жараша Р. дүйн., олимпиялык, региондук, улуттук ж. б. (СССРде союздук, респ-калык, крайлык, облласттык ж. б.) болуп бөлүнөт.

РЕКОРДЕР (англ. record — жазуу) — электр термелүүнү үн жазгычтын мех.



Динамикалык рекордердин түзүлүш схемасы: *1* — туруктуу магнит; *2* — магнит системасынын үюлдук жактары; *3* — туташтырма конус; *4* — магниттүү жумшак шакек; *5* — өзөк; *6* — дүүлүкмө түрмөк; *7* — паз; *8* — жез шакек; *9* — түрмөк; *10* — кескич; *11* — жеңил каркас; *12* — таяныч шакек.

термелүүсүнө айландыруучу электртех. түзүлүш. Р. үндү мех. жол м-н (мис., граммофон пластинкасына) жазууда колдонулат. Монофондуу ж-а стереофондуу жазуу үчүн электр-динамикалык Р-лер чыгарылат.

РЕКРУТ (фр. Recruter — аскер куроо дегендеп) — аскер кызматына жалданып же аскерге милдеттүүлүк б-ча алынган адам. 1874-ж. Р. аскерге жаңы алынган киши («новобранец») деген соз м-н алмашылган.

РЕКТИФИКАЦИЯ — суюк аралашмаларды бири биринен бөлүү методулардын бири. Р. учурунда буу м-н суюктын карама-каршы багытта жылыштук карама-каршы аппаратта бири бириндин, атайын аппаратта бири бириндин бир нече прет кездешет. Аппараттан чыккан буунун же суюктуктун бөлүгү конденсацияланган же буугa айлангандан кийин аппаратка кайтарылат. Мында буу м-н суюктуктун ортосунда жылуулук алмашуу жүрөт. Натыйжада жогору которулүүчү буу суюктуктун жеңил учуучу компоненттери м-н, ал эми төмөн түшүүчү суюктук оор учуучу компоненттер м-н тең салмактуулук абалга чейин тынымсыз байыш турат. Р. ө. ж-да, лабор-яларда кеңеи колдонулат.

Ад.: Олевский В. М., Ручинский В. Р., Ректификация термически нестойких продуктов, М., 1972.

РЕКТОР (лат. rector — башкаруучу, жетекчи) — жог. окуу жайынын жетекчиси. Кайра жаралуу доорунда көп класстуу мектептердин жетекчилери ж-а башкы мугалимдери Р. деген. Францияда окуу округуун («академияны») жетектегендер да Р. аталат.


РЕКТОСКОПИЯ (лат. rectum — көтөн чучук ж-а гр. skopéo — көрөм, издейм) — көтөн чучуктун былжыр челин изилдөө методу. Аны р е к т о с к о п т у н (электр лампочкасы ж-а окуляры бар уз. 25—30 *см*, диаметри 1,5—2 *см* түтүк) жардамы м-н аткарат. Р. аркылуу шишикти, жараны табууга, биопсия, полипти кесип алууга же аны *электрокоагуляция* кылууга болот.

РЕКУПЕРАТОР (лат. recuperator — кайра алгыч, кайра кайтаргыч) — сыртка чыгарыла турган газдын жылуулугун пайдалана турган жылуулук алмаштыргыч; мында жылуулук ташыгычтардын жылуулугу аларды болуп турган бет (каптал) аркылуу үзгүлтүксүз берилет. Р-догу жылуулук ташыгычтардын агымынын жолу өзгөрүлбөйт, б. а. дайыма бир жерден агат. Жылуулук ташыгычтардын схемасы б-ча Р. каршы акма, түз акма, кайчылаш акма болуп айырмаланат. Конструкциясына жараша түтүктүү, пластинкалуу, кырдуу; арналышына карата аба, газ, суюктук ысыткыч, бууланткыч, конденсатор ж. б. болуп айырмаланат.


РЕКУРЕНТТҮҮ ФОРМУЛА (лат. recurrens — кайрылуучу), к е л т и р и л г е н ф о р м у л а — кандайдыр сан удаалаштыгын алдыңкы бир нече мүчөсүн эсептөө аркылуу анын n мүчөсүн аныктоочу формула. Сан удаалаштыгынын биринчи белгилүү k мүчөлөрү м-н түзүлгөн Р. ф-нын жардамы аркылуу ал удаалаштыктын каалаган мүчөсүн аныктоого болот. Мис., Фибоначчи саны деп аталган φ_n сан удаалаштыгы берилсин: $\varphi_0=0$, $\varphi_1=1$, $\varphi_{n+2}=\varphi_{n+1}+\varphi_n$ $(n>0)$. Мында акыркы формула Р. ф. деп аталат да, ушул сан удаалаштыктын φ_2, φ_3 ж-а андан аркы мүчөлөрүн эсептөөго жардам берет.

РЕЛАКСАЦИЯ (лат. relakatio — начарлануу, азаюу) — көптөгөн бөлүкчөлөрдөн турган физ. системада термодинамикалык (демек статикалык) тең салмактуу абалына келүү процесси. Р.— көп баскычтуу процесс, анткени системанын бардык физ. параметрлери тең салмактуулук абалга бирдей ылдамдыкта умтулбайт. Р-нын процесстери тең салмаксыз процесс, ошондуктан системада *энтропия* пайда болот (туюк системада энтропия өсөт). Бөлүкчөлөрдүн *өз ара аракеттенишине* жараша ар кандай системада Р. өзүнчө өзгөчөлүктөрго ээ. Системада чала же толук тең салмактуулукка келүү убакыты р е л а к с а ц и я у б а к ы т ы деп аталат. Р. бир атомдуу, көп атомдуу газдарда, газ аралашмаларында, суюктуктарда, катуу перселерде байкалат.

РЕЛАКСАЦИЯЛЫК ТЕРМЕЛҮҮ — диссипациялык күчтөр (мех. системада — тышкы ж-а ички сүрүлүү, электр системасында — активдүү каршылык) негизги роль ойногон системаларда пайда болуучу *автотермелүү*. Р. т. автотермелүү сыяктуу сызыктуу эмес системада гана болушу мүмкүн. Энергия булагы туташтырылбаганда релаксациялык автотермелүү системасында термелүү кыймылы болбойт. Р. т-нү түзүүчү мех. системанын жөнөкөй түрү — эки жагынан пружина м-н бекитилип, айланма валга (В) капталган колодка (К) (к. сүрөт). Вал айланганда сүрүлүү күчүнүн натыйжасында пружинанын серпилгич күчү сүрүлүү күчүнүн максимум моментине барабар болгонго чейин колодка вал м-н кошо айланат. Андан кийин колодка вал б-ча тескери багытта сыйгаланат да, колодка м-н валдын салыштырма ылдамдыгы көбөйүп, сүрүлүү күчү төмөндөп, колодка өз ордуна кайра келет. Ал эми колодка тең салмактуу абалга жакындаганда пружинанын серпилгич күчү азайып, вал кайрадан колодканы кошо айлантат, бул процесс улам кайталана берет.



1-сүрөт. Механикалык релаксация системасы.



2-сүрөт. Колодка жылганда φ бурчунун өзгөрүү графиги.

РЕЛЕ (фр. relayer — алмаштыруу) — киришке берилген сырткы таасирдин натыйжасында электр тизмегинин параметрлерин кескин өзгөртүүчү түзүлүш. Р-ни аракетке келтирүүчү физ. таасирлерге карата Р. электрдик, мех., жылуулук, оптикалык, акустикалык, хим., магниттик; аткарган ишине жараша: сактоочу, текшерүүчү, башкаруучу, сигналдоочу ж. б. болуп болүнөт. Конструкциясы б-ча Р. кабыл алгыч (Р-ге сырттан берилген таасирди кабыл алуучу), аткаргыч (Р-дөн таасирди сыртка берүүчү) ж-а орто аралык (таасирлерди кабыл алгыч Р-ден алып, аларды өзгөртүп аткаргыч Р-ге берүүчү) болуп айырмаланат. Акыркы убакытка чейин Р. негизинен контакттуу кылып жасалган, б. а. анын аткаргыч органы катары электр тизмегин ажыратып же бириктирип туруучу контакттар колдонулган. Азыр контактсыз Р. кеңири таралууда. Мындай Р-де чыгыш таасири тизмектердин параметрлерин: каршылыкты, сыйымдуулукту, индукцияны же тизмектерге берилген чыңалууну, басымды ж. б. өзгөртүү м-н түзүлөт. Контактсыз Р. контакттуу Р-ге салыштырганда өлчөмү кичине, ылдам ж-а ишенимдүү иштейт, энергияны аз керектейт. Техникада эң кеңири таралганы — электр магниттүү контакттуу Р. (к. сүрөт). Р-нин кыймылдуу бөлүгү же якору (4) ферромагниттен жасалып, оромонун (2) түзгөн магнит талаасынын таасири м-н жебенин багыты б-ча магнит өзөгүнө (1) тартылат. Магнит талаасы өзөк (1), ярмо (3), якорь (4) ж-а аба жылчыгы м-н өтөт. Натыйжада контакттар бири бирине тийишип, сырткы башкарылуучу тизмекти туташтырат. Р. автоматтык башкаруу, байланыш, эсептөө ж. б. техникасында киришкеги кичине таасирди ж-а чыгыштагы чоң кубаттуулукту башкаруу, логика операцияларын аткаруу үчүн кеңири колдонулат.


Электр магниттүү реле: *1* — өзөк; *2* — ором; *3* — ярмо; *4* — якорь; *5* — контактор; *6* — кайра тартуучу пружина.

Ад.: Сотсков Б. С., Основы расчёта и проектирование электромеханических элементов автоматических и телемеханических устройств, М.—Л., 1965; Чунихин А. А., Электрические аппараты, М., 1967.

РЕЛЕЛҮҮ ЖӨНДӨГҮЧ — жөндөлүүчү чоңдук белгиленген бир маанige жеткенде системага берилген башкаруучу таасирди кескин үзгүлтүктүү аракеттүү жөндөгүч. Р. ж-тө жөндөлүүчү чоңдукту белгилүү деңгээлге жеткирип өзгөртүп туруу үчүн *реле элементи* колдонулат. Р. ж-тө реле элементи катары сервомотор колдонулса, ал көп позициялуу деп аталат. Конструкциясы жөнөкөй ж-а аны м-н кубаттуулуктарды көшүп ажыратуу мүмкүн. Ал Р. ж. процесстин тез аткарылышын, б. а. чектөөлөр коюлганда да эң кыска мөөнөттө процесстин бүтүшүн камсыз кылат.

РЕЛЕЛҮҮ СИСТЕМА б а ш к а р у у д а — эч болбогондо *реледен* бир эсе көп болгондо Р. с-да башкаруучу элементтин киришиндеги сигнал белгиленген бир маанige жеткенде башкаруучу таасир кескин (секирик түрдө) өзгөрөт. Кээде реле мүнөздөмөлүү башкаруучу түзүлүш бир эле учурда кубаттуулукту күчөткүч болуп да иш аткарат. Башкаруучу түзүлүш катары электр магниттүү, электрондуу, пневматикалык ж. б. типтеги реле колдонулат. Р. с-сы сыяктуу эмес автоматтык башкаруу системасына кирет. Анткени, жөндөөнүн туюк тизмеги убакыттын берилген удулунда эмес, релеинн киришиндеги сигналдардын амплитудасына жараша бириктирилип ж-а ажыратылып турат. Р. с-сы эки позициялуу ж-а көп позициялуу болуп бөлүнөт. Р. с-сынын өзгөчөлүгү анын жеңекейлүүгүндө ж-а арзандыгында. Ал ар түрдүү технол. процесстерди башкарууда кеңири керектелет.

РЕЛЕ ЭЛЕМЕНТИ — реле мүнөздөмөлүү, б. а. киришке белгиленген таасир берилгенде чыгыш чоңдугу кескин өзгөргөн түзүлүш. Р. э. иштөө аракети б-ча жылуулук, электрдик, пневматикалык, мех., оптикалык, хим. ж. б., аткаргыч элементи б-ча контакттуу ж-а контактсыз болуп бөлүнөт. Р. э. автоматтык башкаруу ж-а байланыш техникасында кеңири колдонулат: а) киришке берилген кичине таасир м-н чыгышта чоң кубаттуулукту (~10^4—10^3 *а* чыңалуулуу тизмекте 10—10^2 *а* токту бириктирүүгө же ажыратууга) башкарууга болот; б) логика операцияларын аткарат; в) бир түрдүү Р. э-терин айкалыштырып, татаал көп функциялуу реле түзүлүштөрүн (эсептөөчү ж-а башкаруучу дискреттүү машиналар, телемех. түзүлүштөр, автоматтык телефондук башкаруу системасы, дискреттүү информация берүүчү система ж. б.) түзүүгө болот. Ондогон ж-а миндеген Р. э-нен турган ЭЭМдин, башкаруучу машиналардын, автоматтык текшерүүчү ж-а башкаруучу татаал системалардын өсүшү Р. э-нин мүнөздөмөлөрүнүн — керектелүүчү энергиянын, массасынын, көлөмүнүн азайышын талап кылат.



Реле элементинин бөлүнүшү.

РЕЛЬЕФ (лат. relevo — көтөрөм) — кургактыктын бети м-н океан ж-а деңиз таманынын ой-кырдуулугунун жалпы абалы. Р. формасы б-ча оң, же томпок (дөбө, тоо ж. б.) ж-а терс, же ийилген (ойдун, ороон ж. б.), жонокой ж-а татаал болот. Формасынын өлчөмүнө карай мегарельеф (континенттик жондор, океан таманы ж-а тоо системасы ж. б.), макрорельеф (кырка тоо, деңсөө, ойдун), мезорельеф (ан, суу астындагы каньон, дөбө), микрорельеф (карст чуңкуру, талаа зонасындагы чуңкурлар ж. б.), нанорельеф (эң майда чуңкурчалар, суур, кашкулактын ийнининдеги дөбөчөлөр ж. б.) болуп бөлүнөт.

Р. эндогендик (тектоникалык кыймыл, жанар тоо аракеттери ж. б.) ж-а экзогендик (агын суу, мөңгү, шамал, толкун, эрозия ж. б.) процесстерден пайда болот. Оордук күчүнүн Жер бетине тийгизген таасиринен гравитациялык процесс (тоо тектеринин кочушу ж-а жылышуусу) жүрөт. Р-ти түзүүдө адам баласынын да ролу чоң (к. *Рельефтин антропогендик формалары).* Р. геогр. чойренүн компоненти болуп, табигый шартка чоң өзгөрүүлөрдү киргизүү м-н бирге, өзүнүн андан ары өөрчүшүнө шарт түзөт. Эндоген процесстеринин активдүү таасиринен кургактыктын, деңиз ж-а океан түбүнүн Р-нинн ири структуралык формалары түзүлөт. Эң ири (планеталык) форманын пайда болушу космос күчүнө (Жердин өз огунда айланышы, күн-айдын тартуу күчү) байланыштуу. Экзоген процесстери Р-тин майда—скульптуралык формаларын түзөт. Алар экзоген күчүнүн

тигил же бул факторунун үстөмдүк кылышына жараша флювий (дарыянын, убактылуу агын суунун таасиринен пайда болот), моңгу (байыркы ж-а азыркы мөңгүнүн жылышынан), тоң (кироген), арид (физ. талкалануу, шамалдын аракети ж. б.) формаларына бөлүнөт.

Тектоникалык көтөрүлүп ж-а төмөн түшүп турган областтарда морфол. карама-каршы багыттагы сыртқы процесстердин таасиринен дөбөлүү ж-а көтөрүлүп жаткан жер катмарында *денудация*, төмөнкү ж-а төмөндөп жаткан бөлүгүндө *аккумуляция* процесстери жүрөт. Сыртқы күчтөрдүн таасирине караганда тектоникалык көтөрүлүүнүн үстөмдүк кылышы Р-тин жог. көтөрүлүшүнүн өнүгүшүнө шарт түзөт. Р-тин бийик тоолуу тибин көтөрүлүп жаткан жаш тоолуу аймактарга (Альп, Гималай, Тянь-Шань ж. б.) мүнөздүү. Деструктуралык сыртқы фактордун үстөмдүк кылышы Р-тин оң элементин талкалап жайыздатат. Тоолуу аймактарда басаңдоочу Р-тин өнүгүү тибине орто бийиктеги тоолор (Урал, Аппалач) мүнөздүү. Орто бийик тоолор талкаланып, бара-бара жапыз тоо Р. тибин (Казак Сары-Аркасынын айрым массиви) түзөт. Р-тин төмөндөшүнүн акыркы чеги — түздүк же *пенеплен*. Тектоникалык төмөндөөдө ойдуңдуу Р. кеңейет же талкаланган тектердин агып келип чөгүшүнөн тегизделет. Экзоген процесстеринин таасиринен пайда болгон. Р. формаларынын жайгашуусу геогр. зоналуулуктун закон ченемине баш нет. Кургактыктагы түздүктөрдө морфоклимат зонасы жакшы байкалат. Тоолуу аймактарга морфол. бийиктик алкактуулук же зоналуулук мүнөздүү. Айрым жерлерде Р-тин реликттик формасы сакталган (мис., Чыгыш Европа түздүгүндөгү Р-тин мөңгү формалары плейстоцендеги муз каптоодон пайда болгон реликт). Реликт формаларын өзүнө бөлүү Р-тин мындан аркы өөрчүү багытын божомолдоого шарт түзөт. Сыртқы көрүнүшү, пайда болушу б-ча окшош, белгилүү бир аймакта закон ченемдүү кайталануучу жөнөкөй формалардын комплекси Р-тин генезистик тибин деп аталат (к. *Геоморфология*). Р-тин эндоген процесстеринин таасиринен пайда болгон формасы морфоструктура, экзоген күчтөрүнөн пайда болгон майда Р. формасы (дарыя өрөөнү, аң, бархан, морена жалчалары) морфоскульптура Р-и аталат.

Ад.: Башенина Н. В., Формирование современного рельефа земной поверхности, М., 1967; Щукин И. С., Общая геоморфология, 2 изд., т. 1—3, М., 1960—74; Мещеряков Ю. А., Структурная геоморфология равнинных стран, М., 1965; его же, Рельеф СССР (Морфоструктура), М., 1972.

РЕЛЬЕФ — өзүнө негиз ж-а фон болуп кызмат кылган тегиздиктеги скульптуралык сүрөт. Р. композициянын тегиздикке перспективалык жол-м-н түшүрүү, түр үлгүсүн жумурулап келтирүү, татаал көрүнүштөр м-н арх-ралык ж-а пейзаждык иргактарды сүрөттөө мүмкүндүгүн түзөт. Р. тереңдетилген (койланоглиф жө «ең сгеих» Р.) ж-а томпок Р., ал эми томпок Р. бийик—*горельеф* ж-а жапыз—*барельеф* деп бөлүнөт. Р. өз алдынча станковый чыгарма болушу ж-а дубалдын композициясына, жасалга буюмдарга, монета-медалдарга деталь болуп кириши мүмкүн.

Ад.: Ромм А. Г., Русские монументальные рельефы, М., 1953.

РЕЛЬЕФ КАРТАЛАРЫ жер бетинин же дениз-океан түбүнүн рельефин чагылдырат. Р. к. бир нече топко бөлүнөт: эң негизгилери — гипсометриялык (бийиктиктерди көрсөтүүчү), батиметриялык (тереңдиктерди көрсөтүүчү) ж-а геоморфол. карталар. Бул карталарда рельеф туташ сызыктар (горизонталь) аркылуу көрсөтүлөт. Мындан тышкары рельефтин тилмеленүү тереңдигин, жыштыгын, тоо капталдарынын басымдуу тиктигин түздөн түз сан маанини аркылуу көрсөтүүчү морфометриялык карталар кездешет. Рельефтин сыртқы солоколтун көрсөтүү үчүн пластикалык жол-м-н жасалуучу морфографиялык карталар түзүлөт.

РЕЛЬЕФТИН АНТРОПОГЕНДИК ФОРМАЛАРЫ — адамдын чарб. аракетинен пайда болгон же өзгөргөн рельеф. Пайда болушу б-ча стихиялуу ж-а атайын болуп бөлүнөт. Биринчи түрүнө чарбаны туура жүргүзбөгөндүктөн пайда болгон аңдар, тоо шилендилери, сайроондор, жылма кумдар, чуңкур жерлер кирет. Рельефтин мындай түрлөрүнүн көбөйүшүнөн айрым өлкөлөрдүн жери өтө өзгөрүп, суу режими начарлады, айдоо аянттары азайып, кунардуулугу төмөндөдү. Рельефти атайы өзгөртүү мелиорация ж-а курулуш иштери м-н байланыштуу. Антропогендик рельефке зыяндуу, бирок аргасыздан пайда болгон формалар (карьер ж. б.) да кирет.

РЕЛЬС (лат. regula — түз таяк, брусок, планка) — туура кесилиши белгилүү формадагы тилке болоттон жасалган прокат; ал т. ж-дун ж-а метрополитендин кыймылдуу составының, трамвайдын, кен транспорту м-н бир рельстүү жолдордун локомотивдеринин ж-а вагонеткаларынын, крандуу арабачалардын, көтөргүч крандардын ж. б. жылып жүрмө, бурулма конструкцияларын жылып жүрүшүнө арналган.

Биринчи металл Р. 1767-ж. Улуу Британияда жасалган. Темир жол Р-и жолдун үстүңкү бетине коюлган таянычтарга (шпалага) орнотулат. Ошол таянычтарга бекитилип ж-а өз ара туташтырылып рельстүү колеяны түзөт. СССРде т. ж. Р-инин 4 түрү бар: Р43, Р50, Р65 ж-а Р75. Аның түрү жолдун жүк көтөрүмдүүлүгүнө жараша тандалат. 50-жылдардын ортосунан уз. 12,5 *м*, 70-жылдардын башынан уз. 25 *м* келген Р-тер чыгарылууда. Жолдун ийри бөлүктөрүнө төшөө үчүн кыскартылган Р-тер чыгарылат. Трамвай Р-и т. ж. Р-индей эле жасалат да, адатта ноо сымал оюгу, бийиктигинин ж-а туура кесилиш аянтынын чоң болушу м-н айырмаланат. Алар 15—18 *м* узундукта чыгарылат. Руда транспорту, жылыш жүрмө көтөргүч крандар ж-а алардын механизмдери, бурулма ж-а айланма конструкциялар м-н агрегаттар ж. б. үчүн т. ж. Р-инен бир канча жеңил, айрым учурда атайын формадагы Р. пайдаланылат.

РЕЛЯТИВИЗМ (лат. relativus — салыштырмалуу) — дүйнөдөгү бардык нерсе салыштырмалуу, утурумдук деп эсептеген методикалык принцип. Р. болмуштун дайыма өзгөрүп туруучу касиетине таянат, бирок аның өзгөрбөс учурларын жокко чыгарып, утурумдук көрүнүштөрүн биринчи планга коёт. Р-дин элементтери античный скептицизмде, байыркы грек софистикасында жолугат. Р-дин далилдерин агартуучулар динге, метафизикага каршы пайдаланышса, идеалисттик эмпиризм бардык билимдин булагы жеке тажрыйба деген идеяны бекемдөө үчүн колдонгон. 19—20-к-дын чегинде физикадагы жаңы ыл. ачылыштардан Э. Мах, Ж. А. Пуанкаре сыяктуу илимпоздор релятивисттик тыянактар чыгарышып, билимдин акыйкаттуулугун танышкан. Ал эми диалект. материализм б-ча билимдин салыштырмалуулугу объективдүү акыйкатты жокко чыгарбастан, билимдин учурдагы деңгээлинин чектелгендигин гана көрсөтөт. Ар кандай салыштырмалуу акыйкатта абс. акыйкаттын элементи бар. Азыркы бурж. философияда Р. тарыхтын объективдүүлүгүн, этикалык ж-а эстетикалык нормалардын белгилүү туруктуулугун жокко чыгарууда көрүнөт.

РЕМ — байыркы рим уламышы б-ча Римдин биринчи падышасы *Ромулдун* иниси (Рим ш-н негиздешкен).

РЕМАРК Эрих Мария (22. 6. 1898, Оснарбрюк — 25. 9. 1970, Швейцария, Локарно) — немец жазуучусу. Биринчи дүйн. согушка катышкан (1914—18). Мугалим, репортёр, редактор болуп иштеген. 1932-жылдан эмиграцияда жашаган. Р-ка «Батыш фронтунда өзгөрүү жок» романы (1929) дүйн. атак алып келген. Р-тын чыг-ларында демейдеги фронттук турмуш, таптык теңсиздик, достук м-н сүйүү, фашизмге, милитаризмге каршы күрөш чагылдырылат («Кайтып келүү», 1931; «Салтанат капкасы», 1946; «Кара обелиск», 1956 ж. б.). Кийинки чыг-лары беллетристикалык шаблондо жазылган («Карыз өмүр», 1959; «Лиссабондогу түн», 1963). Р-тын чыг-лары социалдык маңызы, каармандарынын гумандуулугу, нравалык тазалыгы м-н баалуу.

Ад.: Сучков Б., Книга, которая судит, «Иностранная литература», 1955, № 4; Фрадкин И., Ремарк и споры о нём, «Вопросы литературы», 1963, № 1.

РЕМАРКА (гравюрада) — көп учурда *гравюранын* сюжети м-н байланышы жок оттискти четине түшүрүлгөн кичине сүрөт. Р. гравюра доскасы м-н иштеп жатканда аспапты сынооңун натыйжасында пайда болгон. Р. кээде негизги сүрөттү толуктаган өзүнчө көркөм мааниге да ээ болот.

РЕМАРКА (фр. remarque — эскертүү) — пьеса текстинде баяндалган окуялар, каармандын абалы, сыртқы көбөтөсү, алардын жүрүм-туруму ж. б. б-ча автордун берген эскертүүсү.

РЕМБРАНДТ Харменсван Рейн (15. 7. 1606, Лейден — 4. 10. 1669, Амстердам) — голланд живописчиси, график. Тегирменчинин уулу. Лейден ун-тинде (1620) азыраак окуп, Я. ван Сваненбюрхтан (1620—23-ж. чейде), Амстердамда П. Ластмандан (1623) таалим алган. Р. 1625-ж. Лейденде өнөркана ачкан. 1631—32-ж. Амстердамда жашаган. Р. портреттеринде адамдын ырацын, кийимин, асыл буюмдарды так берген. Тышкы патетика, барокконун динамикалуулугунан башка драматизмге ж-а демокр. толгон образдарды чагылдырган реалисттик сүрөттөрдү («Даная», 1636, Эрмитаж, Ленинград), пейзаждарды («Таш көпүрөлүү пейзаж», 1638, Рейксмюсеум, Амстердам), гравюраларды (беретчен автопортрети, 1639) жаратқан. 1642-ж. «Түнкү күзөт» деген голланд элинин эркиндик күрөшүн эске салган тарыхый композициясынан улам Р-тын иск-восу м-н демокр. салттарын жоготкон бурж. коомдун ортосунда келишпөөчүлүк пайда болот. Ушундан улам ага заказ берүү токтолот. 1640-жылдары анын чыг-ларындагы көтөрүңкү маанай жоголот. 1656-ж. чабал сүрөтчү катары баалаңып, 1657—58-ж. бардык мүлкү аукцион аркылуу сатылат. Өзү өмүрүнүн акыркы жылдарын Амстердамдын еврей кварталында өткөрөт. Кийинки мезгилдеги сүрөттөрүндө («Асыр, Аман жана Эсфирь», 1660, А. С. Пушкин атн. сүрөт музейи, Москва) изденүүлөрүнүн синтези чагылган ж-а аның кеңири, эркин живописи тереңдикке ээ болуп, жарык шаңы коллизияларды ачуунү күчөтүүчү курал катары кызмат өтөйт.

Ад.: Ротенберг Е., Рембрандт Гармене ван Рейн, [М., 1956]; Рембрандт Гармене ван Рейн. Картины художника в музеях Советского Союза. Альбом, Л., 1971.

Рембрандт. Ыйык үй-бүлө. 1645. Ленинград, Эрмитаж.





Рембрандт.



В. Н. Ремесло.

РЕМЕК Владимир (26. 09. 1948-ж. т., Ческе-Будеевиц ш., ЧССР) — космонавт-изилдөөчү, чехословак элдик армиянын аскер учкучу, капитан, Сов. Союз. Баатыры (16. 03. 1978), ЧССРдин Баатыры (16. 03. 1978). 1968-жылдан ЧКПнин мүчөсү. 1972-ж. Сов. Союзундагы Ю. А. Гагарин атн. Аскер-Аба академиясына кирип, аны бүтүргөн. 1976-жылдан «Интеркосмос» программасы б-ча космоско учууга даярдануучу космонавттар отрядында. 1978-ж. 2-мартта «Союз-28» космос кемесинин командири А. А. *Губарев* м-н бирге космоско учуп, «Салют-6» — «Союз-27» — «Союз-28» орбиталык ил. из. комплексинде ил. программаны аткарган. Р. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

РЕМЕСЛО Василий Николаевич [28. 1(10. 2). 1907-ж. т., азыркы Полтава обл., Приятинский р-ну, Тепловка кыш.] — сов. селекционер, СССР ИАнын (1974) ж-а ВАСХНИЛдин (1964) акад., Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1942-жылдан КПСС мүчөсү. 1928-ж. К. А. Тимирязев атн. Масловский селекция ж-а үрөн өстүрүү ин-тун (Киев обл.) бүтүргөн. 1933—48-ж. түрдүү ил. кызматтарда эмгектенген. 1948—64-ж. Миронов буудай селекциясы ж-а үрөн өстүрүү ил. из. ин-тунун директоруна орун басар ж-а 1964-жылдан директору. Ал буудайдын баалуу жаңы сортун түзүү үчүн селекциялык ыкманы иштеп чыккан. Буудайдын СССРде ж-а чет өлкөдө кеңири таралган Мироновская 808, Мироновская юбилейная ж. б. сортторунун автору. КПССтин 22—23-съездеринин, Украина КПнын 22—24-съездеринин делегаты. Украина КП БКнын (1966-жылдан) мүчөсү. УССР Жог. Советинин (6—8-шайл.) депутаты. УССР Жог. Советинин пред-лине орун басар (1972-жылдан). Лениндик сыйл. лауреаты (1963). Ленин ордени, Октябрь Революциясы, башка 3 орден жана медалдар менен сыйланган.

Чыг.: Мироновские пшеницы, М., 1972.

Ад.: Компанеец М., Счастье — дарить людям хлеб, М., 1972.

РЕМИЛИТАРИЗАЦИЯ (лат. re — кайрадан, militaris — согуштук) — курал-сыздандырылган мамлекеттин же аның бир бөлүгүнүн согуштук күчүн кубатын кайрадан калыбына келтирүү. Р. мамлекеттин багынып берши ж-дөгү тыңчтык келишим же макулдашуунун шарттары тыюу салган согуштук мүнөздөгү ш-чараларды кайра жүргүзүү дегендикке жатат. Мис., Батыштагы империалисттердин Батыш Германия м-н Японияны кайра куралдандыруу (эл аралык келишимдерге карабай) аракети.

РЕМИНИСЦЕНЦИЯ, к. *Эс.*

РЕМИССИЯ (лат. remissio — төмөндөө) — оорунун белгилеринин убактылуу азайышы. Р. *беззек, кайталанма келте,* кээ бир *психикалык оорулларга* мүнөздүү.

РЕМОНТ (фр. remonter — оңдоо, толуктоо, кайра жыйноо) — негизги фондулардын (ондүрүш каражаттарынын) керектөө наркын ж-а жеке пайдаланылуучу буюмдарды бир аз же толук калыбына келтирүүгө байланыштуу тех.-экон. ж-а уюштуруучулук чаралар жыйындысы. Жаракысыз элементтерди, кемчилдерди ж. б. оңдоо да Р-ко кирет. Тех. түзүлүштөрдү Р-тоо алардын ишке жарамдуулугун калыбына келтирүү үчүн жүргүзүлөт. Конструкциялык өзгөчөлүктөрүнө, бузулган тетиктерине, аның жешилишине жараша Р. күндөлүк (майда), орто ж-а капиталдык (чоң) болуп айырмаланат.

Күндөлүк Р-то бузулган бир аз түйүндөр же тетиктер алмашылат же оңдолот, о. эле иретке келтирилет. Эксплуатация мезгилинде же профилактикалык кароонун жүрүшүндө механизмди тейлеген адам же ремонт бригадалары тарабынан аткарылат. Орто Р-то тетиктер бир аз ажыратылып каралып, алардын тех. абалы текшерилет, кээде айрым бөлүктөрү капиталдык Р-тон өткөрүлөт. Муну көчүп жүрүүчү же стационардык Р. тейлөөчүлөр жүргүзөт. Капиталдык Р.— оңдоонун толук ж-а эмгекти көп талап кылуучу түрү. Аны Р-тоочу ишканалар стационардык шартта жүргүзөт. Механизм толук бөлүнбөстөн, тетиктери текшерилет ж-а сынгандары алмаштырылат да, кайрадан кураштырылат. Механизм иретке келтирилип, сыноодон өткөрүлөт.

Орто ж-а күндөлүк Р-тун чыгымдары ишкана продукциясынын өз наркына киргизилет. Негизги фондуларды капиталдык Р-ко жумшалган каражат алардын алгачкы наркын көбөйтбөйт ж-а амортизациялык фондунун эсебинен жүргүзүлөт. Коомдук ондүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн кымбат капиталдык Р-тун ордуна көбүнчө жаңы, жакшыртылган жабдуу, шайманды пайдалануу арзан түшөт. Негизги фонду-



В. Рентген.

ларды Р-тоонун бардык түрү пландуу, алдын алуу иретинде жүргүзүлөт. Профилактикалык тейлөө ж-а көзөмөлдөө үчүн планда шырылган уюштуруучулук ж-а тех. чаралар негизги фондуну мөөнөтүнөн мурда жеңилүүгө ж-а авариялга учуратпоого, пайдалануура жарактуу абалда кармоого багытталган.

Менчик буюмдарды Р-тоону калктын эсебинен тирчилик тейлөө ишканалары аткарат.

РЕМОНТ-ТЕХНИКА СТАНЦИЯСЫ (РТС) — колхоз, совхоздорду, а. ч. ишканаларын техника каражаттары м-н тейлөөчү мамл. ишкана. РТС 1958-ж. мурдагы *машина-трактор станциясынын* базасында уюштурулган. РТС 1961-ж. өзгөртүлүп, «Союз айыл чарба техника» системасы түзүлгөн. Респ-када *«Кыргызстан айыл чарба техника»* бирикмеси (1978-жылдан Кыргыз ССРинин айыл чарбасын өндүрүштүк-тех. камсыз кылуу б-ча мамл. комитети) иштейт.

РЕНВИЛЛ МАКУЛДАШУУСУ голландиялык империалисттердин Индонезия Респ-касына каршы биринчи колон. согушун (1947—48) жыйынтыктаган. Ага 1948-ж. 17-январда Индонезия м-н Нидерланд өкмөтү кол койгон. Сүйлөшүүлөр Жакарта портундагы амер. «Ренвилл» кемесинде өткөн (аталышы ошондон). Р. м. Индонезия Респ-касы үчүн Линггажат келишиминин (1947) шартынан бир кыйла оор болгон. Индонезия аскерлеринин саны кыскарып, Ява, Суматра а-дарынын кыйла бөлүгү, о. эле порт шаарлар м-н нефть алынуучу жерлер Голландиянын колунда калып, Индонезиянын бардык жеринде Нидерланддын бийлиги таанылган.

РЕНЕГАТ (лат. renego — баш тартам) — өз ишениминен кайткан, душман тарапка өтүп кеткен киши; чыкынчы.

РЕНЕССАНС (фр. Renaissance — Кайра жаралуу), к. *Кайра жаралуу*.

РЕНИЙ (лат. Rhenium), Re — Менделеевдин мезгилдик системасынын VII тобундагы хим. элемент, ат. н. 75, ат. м. 186, 207. Табигый Р. эки изотоптон (^{185}Re ж-а ^{187}Re) турат. 1925-ж. немец химиктери В. ж-а И. Ноддактар колумбит минералынан табышкан. Р.— ачык боз түстүү металл, тыгыздыгы 21,03 *г/см*^{3}, эрүү t 3180°С, кайноо t 5900°С. Р. абада кадимки темп-рада туруктуу. Жогорулатылган темп-рада кычылтек, күкүрт, галогендер м-н кошулат. Бирикмелеринде +7 ден —1 ге чейинки валенттүүлүктү көрсөтөт. Ал молибден кендеринен молибден м-н кошо алынат. Аны вольфрам, молибден, тантал м-н болгон отко чыдамдуу куймалары авиа ж-а космос техникасында колдонулат. Р. ж-а аның бирикмелери жакшы катализатор.

РЕНИН-АНГИОТЕНЗИН СИСТЕМАСЫ — ангиотензин гормонун пайда кылуучу ж-а бузуучу фермент системасы. Ал кан басымын, бөйрөктүн иштешин ж-а организмде суу, туз алмашуусун жөнгө салат. Бөйрөктүн өзгөчө клеткалары ренин ферментин бөлүп чыгарат. Ренин канга кошулуп, ангиотензиногенге (плазманын белогуна) таасир этип, ангиотензин-1ге айландырат. Андан кийин өпкө ж-а бөйрөктөгү ферменттин таасиринен ангиотензин-2ге өтөт. Ал кан тамырды ичкертет, о. эле алардын тонусун көтөрүүчү ж-а суу, туз алмашууга катышуучу *гормондордун* чыгышын күчөтөт. Реninдин чыгышы ж-а аның активдүүлүгү бөйрөктөгү кан айлануунун бузулгандыгы, Na нонунун организмде азайгандыгы ж. б. м-н байланыштуу. Р.-а. с-нын активдүүлүгүндө кан басымы жогорулайт, бөйрөк ж-а жүрөк начар иштеп, ишшийт.

Ад.: Физиология почки, Л., 1972.

РЕНОВАЦИЯ негизги фондуларды (лат. renovatio—жаңыртуу) — моралдык ж-а физ. эскиргүдөн иштеп чыккан өндүрүштүк негизги фондуларды жаңыртып туруу процесси; коомдук өндүрүштүн үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуунун зарыл шарты. Р. иштен чыгып калган айрым эмгек каражаттарын алмаштыруу, ишканаларды же аның бөлүмдөрүн реконструкциялоо, эски ишкананын ордуна жаңысын куруу аркылуу жүзөгө ашырылат. Р-да капитал салымынын булагы — амортизация фондусу. СССРде амортизация фондусунун тийиштүү бөлүгү ишкананын карамагында калат да, өндүрүштү өнүктүрүү фондусуна жумшалып, көбүнчө Р-га пайдаланылат. Калган үлүшү капитал салымдарынын борбордоштурулган планына ылайык бөлүштүрүлүп, көбүрөөгү негизги фондуларды арбытууга, азыраагы алардын Р-сына кетет. Р-нын көлөмү эмгек каражаттарынын эскиришине жараша аныкталат.

РЕНТА (нем. Rente, соңку лат. reddita — кайта берилген, кайтарылган) — капиталдан, жерден ж-а мүлктөн үзүлбөй түшүүчү киреше түрү. Жер ээлери жер рентасын алып турат. Р-нын өзү болсо *абсолюттук рента, дифференциалдык рента* ж-а монополиялык рента түрүндө туюнтулат. Көп капит. өлкөлөрдө мамл. заём б-ча төлөнүүчү процент да Р. деп аталат. Р. эсебинен жашоочулар коомдун жатып ичер катмарын — *рантьени* түзөт.

РЕНТАБЕЛДҮҮЛҮК (нем. rentabel — кирешелүү, ыңгайлуу, пайдалуу) — өндүрүштүн кирешелүүлүгү, пайдалуулугу. Продукцияны өндүрүү чыгымынын орду толукталып, пайда алынса, өндүрүш рентабелдүү болот. Р.— эл чарбасында, аның тармагында, ишканада ж-а бирикмеде өндүрүштүн экон. натыйжалуулугун айкындоочу негизги көрсөткүч. Ал материал ж-а эмгек ресурстарын, акча каражаттарын, жаратылыш байлыктарын пайдалануу деңгээлин туюнтат.

Соц. Р. капит. Р-тон маңызы ж-а экон. ролу жагынан айырмаланат. Капит. Р. эзүүчү таптын мүдөөсүн көздөйт. Соц. коомдо Р. мамлекет тарабынан пландуу жөнгө салынып, өлкөнүн экономикасы тез өсүп, элдин жыргалчылыгын жакшыртуу үчүн шарт түзөт. Өзөндуктан КПССтин Программасында чарба эсебин күчөтүү, арбын үнөмдөөгө ж-а сарамжалдуулукка, коромжуну азайтууга, продукциянын өз наркын төмөндөтүүгө ж-а өндүрүштүн Р-үн жогорулатууга жетишүү зарыл экендиги баса көрсөтүлгөн.

Соц. чарбага бүт өлкөнү камтыган эл чарба Р-ү ж-а ишкана м-н бирикмеге тиешелүү чарба эсеби Р-ү мүнөздүү. Эл чарба Р-үнүн жыйынтык көрсөткүчү — улуттук кирешө. Мында негизги роль өндүргүч күчтөрдү туура жайгаштырууга ж-а өндүрүштү интенсивдештирүүгө таандык. Эл чарба Р-ү накта кирешө суммасынын негизги өндүрүш фондулары м-н айланма каражаттардын суммасына катышы аркылуу эсептелип, процент түрүндө туюнтулат. Р. көрсөткүчү директива катары көрсөткүч болот да, жалпы Р. ж-а эсептөө Р-ү түрүндө бекитилет. Соц. чарбада Р-ту жогорулатуунун негизги факторлоруна эмгек ресурстарын пайдалануунун жакшыртуу, натыйжалуулукту арбытуу, эмгек өндүрүмдүүлүгүн көтөрүү, өндүрүш фондуларын туура, сырьё м-н материалды үнөмдүү пайдалануу, продукция сапатын жакшыртуу, коромжуга жол бербөө ж. б. кирет.

Ад.: Базарова Г. В., Прибыль и хозяйственный расчёт в условиях научно-технического прогресса, М., 1974.

РЕНТГЕН, Рёнтген Вильгельм Конрад (27. 3. 1845, Дюссельдорфко жакын, Леннеп — 10. 2. 1923, Мюнхен) — немец физиги. 1865—68-ж. Цюрихтеги Жог. тех. мектепте окуган, 1868-ж. Цюрих ун-тинен докторлук даража алган. Хоэнхеймдеги жог. а. ч. мектебинин (1875), Страсбург (1876), Гисен (1879), Вюрцбург (1888, 1894-жылдан ректор), Мюнхен (1900—20) ун-ттеринин проф. Р. 1895-ж. *Х*-нуру деп аталган нурду ачып, биринчи жолу рентген түтүгүн түзгөн. 1895—97-ж. ал жаңы нурдун кээ бир касиеттерин так талдаган 3 ил. ишин чыгарган. Рентген нурунун ачылышы ж-а аны андан ары изилдөөлөр атомдун структурасын, заттын структурасын изилдөөдө зор маанеге ээ болду (к. *Рентген-структуралык анализ*). Рентген нурлары медицинада, техникада, ар кандай илим тармактарында колдонулууда. Нобель сыйл. м-н сыйланган (1901).

РЕНТГЕН — рентген ж-а гамма нурларынын абаны иондоштуруунун экспозициялык дозасынын системадан тышкары бирдиги. Бул бирдик В. К. *Рентгендин* ысмынан аталган. Белгилениши *р* (орусча) же R (эл аралык). *Бирдиктердин эл аралык системасында* экспозициялык дозанын бирдиги катары 1 *к/кг* алынат. 1 *р* = =2,57976·10^{-4} *к/кг*. 1 *р* доза 1 *см*^{3} абада 2,08·10^9 түгөй же 1 *г* абада 1,61·10^{12} түгөй иондун пайда болушуна туура келет.

РЕНТГЕН АППАРАТЫ медициналык — *рентген нурларын* медицинада *(рентген диагностика,* рентген терапия) колдонууга мүмкүндүк берүүчү жабдык. Ал рентген нурун чыгаргыч (рентген түтүгү), аны бекиткич, жылдыргыч, изилдөө жө дарылоо объектиси үчүн жайы ж-а рентген нурун кабыл алгычы (экран, электрон оптикалык өзгөрткүч) бар, жог. вольттуу токту керектөөчү түзүлүштөн турат. Рентген терапия аппаратында дозиметр, тубус ж-а атайын чыкалар (фильтр) болуп, нур м-н дарылоодо колдонулат. Диагностикалык Р. а-нда кошумча жабдыктар (өңүнө чыгаргыч негатоскоп, флюороскоп), рентген нурунан сактоочу тосмо, мээлей, фартук ж. б. бар. Аппараттын ташылма, жылып жүрмө ж-а стационардык түрлөрү болот.

РЕНТГЕН ДЕФЕКТОСКОПИЯ—*рентген нурларынын* заттарда түрдүүчө жутулушуна негизделген *дефектоскопия* методдорунун бири. Ал чөйрөнүн тыгыздыгына ж-а элементтин атом номерине көз каранды. Калың. 80 *мм*ге чейинки металлдардагы бөштүкту, жараканы ж-а калың. 250 *мм*ге чейинки жеңил куймалардагы түрдүү дефектилерди аныктоодо ж. б-да колдонулат. Мында нурландыруу энергиясы 5—10дон 200—400 *кэв* болгон рентген установкалары пайдаланылат.

РЕНТГЕН ДИАГНОСТИКА — рентгенологиялык изилдөөнүн негизинде кишинин ж-а айбанаттардын ооруларын аныктап билүү методу. Көз бир органдар (сөөк, өпкө, жүрөк) рентгенограммада же *рентгеноскопияда* жакшы көрүнөт. Эгер бул эки негизги методдун маалыматтары Р. д. үчүн жетишсиз болсо, *томография*, бронхография, холецистография методдорун колдонуу *рентген контрасттуу каражаттардын* жардамы м-н ишке ашырылат. Мед. практикада Р. д. органдардын ордун, абалын, көлөмүн, анатомиялык өзгөрүүлөрүн, функциясын, ооруунун жүрүшүн, кабылдоосун ж. б-ды изилдөөдө керектүү. Р. д-ны колдонгондо, оорулууга нур аз өлчөмдө берилип, организмдин нур даарышынан сактоо зарыл.

РЕНТГЕН КОНТРАСТТУУ КАРАЖАТТАР — рентгенологиялык изилдөөдө колдонулуучу хим. заттар. Алар организмдин орган ж-а ткандарына караганда *рентген нурларын* өздөрүнө аз же көп сиңирет. Бул заттарды изилдене турган көндөй органдарга жиберип толтурганда алардын көлөмүн, формасын ж-а патологиялык өзгөрүүлөрүн билүүгө болот. Р. к. к. рентген нурларын аз сиңирүүчү газдар (аба, кычкылтек, көмүр кычкыл газы) ж-а суюк заттар — иоддуу препараттар (кардиотраст, триотраст ж. б.) түрүндө колдонулат. Тамак сиңирүү органдарын (кыялы өңгөч, карын, ичегилер) изилдөөдө барий сульфаты, бронхография, *ангиография, холецистография* жүргүзүүдө иоддуу препараттар кеңири пайдаланылууда.

РЕНТГЕН НУРЛАРЫ — заряддалган бөлүкчөлөрдүн же фотондордун заттардын атомдору м-н өз ара аракеттенишинен пайда болуучу электромагниттик иондоштургуч нурлануу. Аны 1895-ж. В. К. *Рентген* ачкан. Р. н-нын диапазону 10^{-4} — 10^3 Å (10^{-12}— —10^{-5} *см*) чекте жатат. Р. н. туташ (үзгүлтүксүз) же сызыктуу спектрлерге бөлүнөт. Толкун уз. $\lambda < 2$ Å катуу, $\lambda > 2$ Å жумшак Р. н. деп аталат. Туташ же тормоздук Р. н. заряддалган бөлүкчөлөрдүн заттардын атомдорунун талаасы м-н өз ара аракеттенишин, күчтүү тормоздолушунун натыйжасында пайда болот. Үзгүлтүксүз спектрдин толкун узундуктары тормоздолуучу заряддалган бөлүкчөлөрдүн ылдамдыгына ж-а алардын массасына көз каранды. Ал эми тормоздоочу заттын атом номерине *z* көз каранды эмес. Заряддалган бөлүкчөнүн баштапкы ылдамдыгы v_0 ал бөлүкчөгө ылдамдык берүүчү электр талаасынын потенциалдар айырмасы *V* ж-а пайда болуучу нурлануу жыштыгы ν_0 өз ара $v_0 = mv_0/2h = eV/h$ формуласы м-н байланышат. Жетиштүү энергиядагы заряддалган бөлүкчөлөр же фотондор заттын атомунда электрондук өтүштү пайда кылып, ошол затка тийиштүү сызыктуу спектрди берет. Мунун толкун узундугу ж-а интенсивдүүлүгү элементтин катар номери *z* ж-а аның атомунун электрондук структурасы м-н аныкталат. Р. н-нын булагы: рентген түтүкчөлөрү, табигый ж-а жасалма радиоактивдүү элементтер, көпчүлүк асман телолору. Р. н. медицинада ж-а дефектоскопияда кеңири колдонулат.

Ад.: Блохин М. А., Физика рентгеновских лучей, 2 изд., М., 1957; Рентгеновские лучи. Сб., под ред. М. А. Блохина, пер. с нем. и англ., М., 1960; Харадж а Ф., Общий курс рентгенотехники, 3 изд., М.—Л., 1966.

РЕНТГЕНОГРАММА — *рентген нурларынын* зат м-н аракеттенишинин натыйжасында объектинин жарык сезгич материалдарга (фотоплёнкага, фотопластинкага) түшүрүлгөн сүрөтү. Нерсеге рентген нуру түшкөндө ал нур жутулуу, чагылуу же *дифракция* кубулушуна дуушар болот. Ал нурдун нерсе м-н өз ара аракеттенишинен кийинки интенсивдүүлүгүнүн бөлүнүшү Р-ны пайда кылат. Рентген нурунун жутулуу касиетине негизделген Р. көбүнчө медицинада колдонулат. Рентген нурунун дифракциялык чачыроо кубулушуна негизделип, кристаллдан алынуучу Р-лар ар кандай ил. из. иштерде, техникада пайдаланылып, ал *рентген-структуралык анализдин* негизин түзөт. Р. рентген камерасында алынат.

РЕНТГЕНОГРАФИЯ (медицинада) — изилденүүчү объектинин элесин *рентген нурларынын* жардамы м-н рентген плёнкасына түшүрүү. Рентген диагностиканын негизги методу.


РЕНТГЕНОЛОГИЯ—медицинанын ж-а ветеринариянын бир тармагы; адам м-н айбанаттардын организминдеги өзгөрүүлөрдү, дарттарды таанып билүү, аларды дарылоо максаттарында рентген нурларын пайдалануу, изилдөө теориясы ж-а практикасы. Медициналык Р. рентген техника, рентген профилактика, рентген диагностика ж-а рентген терапия болуп бөлүнөт. Р. рентген нурлары ачылгандан (1895) башталат. Россияда Р-нын негиздөөчүлөрү: А. С. Попов, В. Н. Тонков, И. Р. Тарханов ж. б. Р-нын өнүгүшү электрон оптикалык күчөткүчтүн, рентген телекөрсөтүүнүн, кан тамырларды катетерлөөнүн пайда болушу м-н байланыштуу.

Азыркы Р-нын проблемалары — мед. рентген-техниканы өркүндөтүү, органдардын рентгенограмма ж-а флюорограммаларын изилдөөгө автоматташтырылган жабдууларды жасоо, клиникалык *ангиография* ж-а лимфографияны өнүктүрүү ж. б. Р. медицина ж-а а. ч. ин-ттарында сабак катары киргизилген. Сов. рентгенологдор Рентгенологдор м-н радиологдордун бүткүл союздук ил. коомуна бириккен (1919). Р. б-ча изилдөөлөр «Вестник рентгенологии и радиологии» журналында ж. б. чет өлкөлүк басылмаларда жарыяланат. Кырг-нда Р-нын негиз салуучуларынын бири — З. И. Блохман. 1932-ж. респ-калык Р. борбору түзүлгөн.

РЕНТГЕНОСКОПИЯ, флюороскопия—рентген диагностика методунун бири. Анда изилденүүчү объектинин элеси *рентген нурлары* аркылуу флюоресценциялоочу экранга түшүрүлөт. Р. караңгыланган бөлмөдө, кээде электрондук-оптикалык күчөткүчтүн жардамы м-н кадимкидей жарыкта телекөрсөткүч экранга түшүрүлөт. Р. демейдө *рентгенография* методу м-н бирдикте жүргүзүлөт.

РЕНТГЕН СПЕКТРЛЕРИ — рентген нурларынын, б. а. 10^{-4} — 10^3 Å толкун узундугундагы электр-магнит нурунун чыгаруу ж-а жутулуу спектрлери. Рентген түтүгүндө өтө чоң электр талаасынын аракети м-н өтө ылдамдатылган заряддалган бөлүкчөлөр (көбүнчө катоддон чыккан электрондор) чоң ылдамдык м-н анодго урунуп, тормоздолгондо туташ (тормоздук) Р. с. пайда болот. Бөлүкчөлөрдүн энергиясы ар түрдүү болгон-

дуктан, ар кандай толкун узундугундагы рентген нурлары чыгат. Бөлүкчөлөрдүн энергиясы чоңойгон сайын ага туура келүүчү толкун узундугу (λ) кичирейип, Р. с-нин интенсивдүүлүгү жогорулайт (к. сүрөт). Сыныктуу Р. с-н аноддун атомдору чы-



Рентген түтүгүндө ар кандай V чыңалуудагы λ толкун узундуктары б-ча w тормоздоочу нурлануунун I интенсивдүүлүгүнүн бөлүнүшү.

гарат. Бөлүкчө чоң энергия м-н анодго урунганда анын атомдорунан электрондорду бөлүп чыгарат. Мындай атомдордун калган электрондору оболочкалары б-ча кайра бөлүштүрүлөт. Электрон чоң энергиялуу оболочкадан аз энергиялууга өткөндө ашык энергия фотон түрүндө бөлүнүп, сызыктуу Р. с-н пайда кылат. Бул кубулуш аноддун материалына жараша болгондуктан мүнөздөөчү спектр деп да аталат. Р. с. рентген спектроскопияда, *рентген-структуралык анализде* колдонулат.

РЕНТГЕН-СТРУКТУРАЛЫК АНАЛИЗ — рентген нурунун дифракциясын талдоого негизделип, заттын түзүлүшүн изилдөө методу. Р.-с. а-дин негизи — рентген нуру м-н заттын электрондорунун өз ара аракеттенишинен чыккан *дифракция*. Рентген нуру м-н алынган дифракциялык сүрөт ар кандай факторлорго (берилген заттын атомдук түзүлүшүнө, андагы дефектилерге, эң негизгиси рентген нурунун толкун узундугуна λ) көз каранды. Р.-с. а-дин жардамы м-н заттардын кристалл торчолорунун тиби, андагы атомдордун жайгашуу мүнөзү, зат атомдорунун чоңдуктары, атомдордун ортосундагы аралыктар, өз ара аракеттенүү күчтөрү ж-а алардын өлчөмдөрү, заттын фазалык составы, текстурасы, андагы ар кандай дефектилер (чекиттик дефект, дислокация ж. б.) аныкталат. Бул метод аркылуу металлдардын, куймалардын, минералдардын, орг. ж-а орг. эмес бирикмелердин, суюктуктардын, газдардын ж. б. көп сандаган аморфтук нерселердин структуралары изилденет.

Р.-с. а-де негизинен монокристалл-дардан алынуучу лауэграммалар, поликристаллдардан алынуучу дебаеграммалар, полимерлерден, аморфтук заттардан, суюктуктардан, газдардан алынуучу ар кандай дифракциялык сүрөттөр изилденип, алардын структуралык түзүлүштөрү аныкталат. Бул анализде кристаллдык нерселердеги Р.-с. а. жог. ж-а төменкү темпера заттардын фазаларынын, өтө жог. басымдагы заттын структурасынын өзгөрүшүн, радиоактивдүү нурланууга дуушар болгон нерселердин структуралык түзүлүшүн ж. б. өзгөчө абалдагы өзгөрүүлөрдү изилдейт. Бул изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн көптөгөн ыкмалар (Лауэ методу, үлгүнү термелтүү ж-а айландыруу методу ж. б.), рентген камерасы ж-а рентген дифрактометри колдонулат.

Ад.: Бокий Г. Б., Порай-Кошиц М. А., Рентгеноструктурный анализ, М., 1964; Гинье А., Рентгенография кристаллов, пер. с франц., М., 1961.

РЕНТГЕН ТЕРАПИЯ — дарылоо максатында *рентген нурларын* пайдаланган нур терапиясынын бир бөлүгү. Негизинен ар кандай коркунучтуу шишиктти, айрым сезгенүү ооруларды дарылоодо кеңири колдонулат. Р. т. демейде башка дарылоо чаралары м-н *(кан куюу, витамин менен дарылоо, гормон менен дарылоо* ж. б.) кошо жүргүзүлөт.

Ад. к. *Нур менен дарылоо* макаласынан.

РЕНУАР Пьер Огюст (25. 2. 1841, Лимож — 17. 12. 1919, Каньсюр-Мер, Ниццага жакын) — француз живописчиси, график ж-а скульптор, импрес-



О. Ренуар. Автопортрет. Автолитография. 1915.

сионизмге негиз салуучулардын бири. 1845-жылдан Парижде жашаган. 1860—70-ж. тарткан «Сена суусуна чомулуу» (1869; А. С. Пушкин атн. Сүрөт өнөр музейи, Москва), «Мулен де ла Галет» (1876; Импрессионизм музейи, Париж), «Түштөн кийин» (1879), «Текчеде отурган жылаңач аял» (1876), «Жаз» (1869, Берлин) ж. б. сүрөттөрү пленэрдик живопись өнөрүнүн мыкты үлгүлөрүнөн. Баш-



О. Ренуар. Кара кийимчен кыздар. 1885. А. С. Пушкин атн. сүрөт өнөр музейи.

ка импрессионисттерден айырмаланып, Р. чыг-лыгында адам башкы планга коюлуп, аның келбети (озгочо аял сулуулугун даңазалаган), жаратылышка, айлана-чөйрөгө, турмушка мамилеси таасын чагылдырылган. Р-дын скульптуралык ишмердиги (негизинен 1900-жылдары оорчугон) стили жагынан А. Майолдун чыг-ларына жакын («Венера», коло, 1914—16, Вальраф-Рихарц, Кёльн). Анын ачык-айрым, терең гумандуу чыг-лыгы 20-к-дагы реалисттик өнөрдүн өсүшүнө оболго болгон.

Ад.: Воллар А., Ренуар, [пер. с франц., вступ. ст. А. В. Луначарского], Л., 1934; Вельчинская И., Ренуар. [Альбом], М., [1970].

РЕОЛОГИЯ (гр. rhéos — агын ж-а *...логия)* — заттардын *деформацияларын* ж-а агуучулугу ж-дегү илим. Р. кайра калыбына келбес калдыктуу деформациялар м-н ар түрдүү илээшкек ж-а пластикалык материалдардын агуучулугун, о. эле чыңалуунун релаксациясы, күч аракети токтогондон кийинки сериилгичтик ж. б. кубулуштарды изилдейт. «Р.» терминин илимге амер. илимпоз Ю. Бингам киргизген. И. Ньютондун илээшкек суюктуктардын кыймылга каршылык көрсөтүү закондору, кысылбас илээшкек суюктуктардын кыймылы ж-дегү Навье-Стокс теңдемелери ж. б. Р-ныи негизи болуп калган. Д. И. *Менделеев*, Н. П. Петров, П. А. Ребиндер, М. П. Воларович, Г. В. Виноградов ж. б. орус ж-а сов. илимпоздордун Р-га киргизген салымдары зор. Р. гидромех., *серпилгичтик теориясы*, пластикалуулук ж-а жылышуучулук м-н тыгыз байланышкан. Мында вискозиметрия методдору кеңири пайдаланылат. Р. проблемалары техниканын көп тармактарында, полимер физикасында, дисперстик системалар физикасында, биофизикада (биологияда) кезигет.

Р-ныи бир канча түрү бар. Теориялык Р. (феноменологиялык Р. же макрореологиялык) туташ чөйрө механикасынын бөлүгү катары каралышы мүмкүн, ал гидродинамика м-н серпилгичтүүлүк, пластикалуулук ж-а жылышуучулук теорияларынын ортосундагы абалды ээлейт. Экспериментгик Р. (реометрия) атайын прибордун ж-а сынагыч машиналардын жардамы м-н заттардын ар түрдүү Р-лык касиеттерин аныктайт. Микрореология микроколомдогу деформацияларды ж-а агымдарды изилдейт. Биореология түрдүү биол. суюктуктардын агымын, адамдын ж-а айбанаттардын түрдүү ткандарынын деформациясын изилдейт.

Ад.: Рейнер М., Реология, пер. с англ., М., 1965.

РЕОМЕТР (гр. rhéos — агым ж-а *...метр)* — газдын көлөмдүк чыгымын өлчөгүч прибор. Ал газ өтүүчү түтүккө орнотулган дросселдоочу (жоого салгыч) түзүлүштөгү (диафрагма, капилляр) басымдын өзгөрүшүн өлчөөгө негизделген. Газдын чыгымына түз байланышкан басымдын өзгөрүшү дифманометрде $см^3/мин$, $л/с$ м-н өлчөнөт. Р. газды аз (10^4 $л$/ска чейин) чыгымдоочу установкаларда (о. ж. ж-а лабор-я), мис., сууга хлор кошуучу аппараттарда колдонулат.

РЕОСТАТ (гр. rhéos — агым ж-а statós — кыймылсыз) — электр тизмегиндеги токту же чыңалууну жонго салуучу (кобойтүүчү, азайтуучу) же алардын чоңдугун чектөөчү электр аппараты. Р-тын негизги бөлүгү — электр каршылыгы өзгөрмө ток өткөрүүчү элемент. Р. электр тизмегине жарыш ж-а удаалаш туташтырылат. Ток күчүн же чыңалууну азыраак өзгөртүүдө Р. тизмекке удаалаш туташтырылат. Өткөндүктан ал электр машиналарында жүргүзүүчү ток чоңдугун чектөө үчүн колдонулат. Р-ты электр тизмегине жарыш туташтырганда ток күчү ж-а чыңалуу көп өзгөрөт. Ток күчүн ж-а чыңалууну кеңири диапазондо (нөлдөн максимум маанге чейин) жонго салуу үчүн Р. потенциометри туташтырылат.

РЕОСТАТТУУ БИЛДИРГИЧ, потенциометрдик билдиргич — өлчөнүүчү мех. жылыштарды, геом. өлчөмдөрдү, бурулуу бурчтарын ж. у. с-ды реостаттын электр каршылыгынын өзгөрүүсүнө айландыргыч. Р. б. реостаттын жылдыргычын сызыктуу, функциялуу, алга жылуу ж-а айланма кыймылга келтиргич болуп болуңет. Туруктуу токтун Р. б-нинн чыгыш сигналы деп ток күчүнүн (реостаттык туташтыруу) же чыңалуунун (потенциометрдик туташтыруу) өзгөрүүсү алынат.

РЕПАРАЦИЯ (генетикада) — клетканын *дезоксирибонуклеин кислотасынын* (ДНК) молекуласындагы түрдүү физ. ж-а хим. таасирлерден, о. эле анын нормалдуу биосинтезинде пайда болгон хим. бузулууларды ондоого жөндөмдүү өзгөчө функциясы. Радиобиологияда пондоштуруучу нурлануудан биол. объекттин жабыркоосунун кайра калыбына келиши Р. деп аталат. Ал атайын ферменттердин жардамы м-н жүрөт. Калыбына келүү нур даарыган клетка же организмдин генетикалык өзгөчөлүгүнө ж-а физиол. абалына байланыштуу болот, к. *Нур оорусу, Радиациялы сезгичтик.*

РЕПАРАЦИЯЛАР (лат. reparatio — калыбына келтирүү) — эл аралык укукта тынчтык келишимининн же башка эл аралык актынын негизинде кол салган мамлекеттин кол салууга дуушар болгон мамлекет тарткан зыянды төлөп бериши. Р-дын көлөмү ж-а мүнөзү тарткан зыянга жараша аныкталат. Алгачкы жолу Р. алуу укугу 1919-ж. *Версаль тынчтык договору*, о. эле Версаль системасындагы башка келишимдер м-н аныкталган. Анда Германияны ж-а анын союздаштарынын Антанта өлкөлөрүнүн калкына согуштун кесепетинен келтирилген зыян б-ча жоопкерчилиги көрсөтүлгөн. Чындыгында бул келишимдердеги Р. чүмбөттөлгөн формадагы контрибуция катары болгон. Фаш. Германия ж-а анын союздаштарынын экинчи дүйн. согушта келтирген зыянды төлөө б-ча Р. формасы 1945-ж. Крым конф-ясында аныкталган.

РЕПАТРИАЦИЯЛАР (лат. repatriatio — мекенине кайтамын) — 1) граждандыгы калыбына келтирилген эмигранттын (к. *Эмиграция)* өз мекенине кайтышы. 2) Согуш мезгилинде өз өлкөсүнөн четтен калган аскер тут-кундарынын ж. б. адамдардын өз мекенине кайтып келиши.



Н. П. Репетун.



И. Е. Репин.

РЕПЕЛЛЕНТ (лат. repello — оолактатуу, качыруу) — зыяндуу курт-кумурска, чымын-чиркей ж-а канаттуулардан коргонууда пайдаланылуучу зат. Негизинен адамды, жаныбарларды курт-кумурскадан, трансмиссивдүү (энцефалит, лейшманиоз) ооруларды жугузбоо, мебель, кийимди күбө курттардан сактоо үчүн ж. б-да колдонулат. Жыттуу чөп, өсүмдүк майы ж. б. Р. катары байыртан эле урунулган. Азыр негизинен хим. (көбүнчө синтет.) заттар: эфир, спирт, альдегид, амиддер суюктук, май ж. б. түрүндө ар кандай ыкмада колдонулат.

Ад.: Гладких С. Г., Средства, отпугивающие кровососущих насекомых и клещей, М., 1964.

РЕПЕР (фр. repere — белги, алгачкы чекит) геодезияда — жер бетиндеги чекиттин абалын бекитүүчү белги. Чекиттин деңиз деңгээлинен бийиктиги нивелирлөө жолу м-н аныкталат. СССРде Р. бийиктиги Кронштадттагы футштокко карата эсептелет. Р. фундаменттүү ж-а катардагы болуп бөлүнөт. Фундаменттүү Р. ар бир 50—80 *км*ден кийин жерге орнотулат. Катардагысы ар бир 5—7 *км*де жайгаштырылат.

РЕПЕРТУАР (лат. repertorium — тизме дегенден) — театр, эстрада концерти ж. б. оюн-тамашаларда коллектив же жеке адам аткаруучу драмалык, муз. чыг-лардын жыйындысы. «Азыркы Р.», «классикалык Р.» деген түшүнүктөр бар. Р. театр түрү (мис., опера, эстрада), стиль ж-а жанр (комедия, романтика) б-ча да болуңет. Р-дан театрдын көркөмдүк ж-а идеялык багыты байкалат.

РЕПЕТЕК КОРУГУ — Чыгыш Карамкудун ортоңку бөлүгүндөгү корук. Чаржоу ш-нан 70 *км* түштүктө. Ал кумдуу чөлдүн жаратылыш комплексин коргоо ж-а пл. из. максатында 1928-ж. уюшулган. СССРдеги эң ысык жер (кээде 50°С ысык, жылдык жаан 114 *мм*). Аянты 34,6 миң *га* (1974). Жер шарты — кырка кумдуу дөбө, ойдун, кумдак чап ж. б. Анда ак, кара соксоол, кандым, чекенде, кумдак акация, кумдак ыран, шыраалжын сыяктуу кумдакчыл өсүмдүктөр өсөт. Жаныбарлары ар түрдүү. Курт-кумурсканын 1 миңдей, кескелдирик-тин 13, жылан ж-а таш баканын 8, канаттуунун 196, сүт эмүүчү жаныбарлардын 20 түрү кездешет.

Ад.: Рустамов А. К., Репетекский заповедник, М., 1971.

РЕПЕТИЦИЯ (лат. repetitio — кайталоо) — спектакль, концерт, эстрада ж-а цирк оюндарын даярдоонун негизги формасы. Р-ны артисттер м-н режиссёр, дирижёр (муз. театрда), балетмейстер (балет театрында) өткөрөт. Коюучу м-н аткаруучулар чыгарманы айрым акт, көрүнүштөр б-ча бир нече ирет кайталоо м-н чыгарманын идеялык мазмунун ж-а образдарын ачууга жетишет. Р. монтаждоо (спектаклдин жасалгасын текшерүү), прогондоо (ген. Р-ныи алдында текшерип көрүү) ж-а ген. (толук кийимкечек, декорациясы м-н көнчүлүк алдында) болуп болуңет. Муз. театрда оркестрлик, концертмейстерлик ж-а хордук ж. б. Р-лар бар, к. *Режиссёрдук өнөр.*

РЕПЕТУН Нина Ивановна (20. 4. 1927-ж. т., Кыргыз ССРи, Москва р-ну, Садовой кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1965). Эмгек жолун 1947-ж. Москва р-нундагы Энгельс атн. к-здо кызылчачы болуп иштөөдөн баштаган. 1948-жылдан звено башчысы. 1964-ж. 92 *га* жердин гектарынан 403, 1965-ж. 479 *ц* кант кызылчасын алган. Ленин ордени м-н сыйланган.

РЕПИН Илья Ефимович [24. 7(5. 8). 1844, Чугуев, азыркы Харьков обл.— 29. 9. 1930, Финляндия, Куоккала, азыркы Ленинград обл., Репино ш. т. посёлкасы] — орус живописчиси, график. Алгач Петербург сүрөтчүлөр коомунун Сүрөт (Рисовальный) мектебинде (1863-жылдын аягы) Р. К. Жуковскийден, И. Н. Крамскойдон таалим алган. Петербург САдан окуган (1864—71). 1873—76-ж. Италияда, Францияда пенсионер (стипендиат). 1878-ж. Көчмө сүрөтчүлөр көргөзмө шериктештигине кошулган. 1893-жылдан Петербург САга аныкмүчө. 70-жылдардын башында демократ сүрөтчү катары элдүүлүк принцибин коргоп, иск-водогу академизмге каршы күрөшкөн. «Волгадагы бурлактар» (1870—73, Орус музейи) картинасында элдин аёосуз эзилгени ашкереленип, элде жашырын күч ж-а каршылык өсүп келе жатканы берилген. 1870-жылдардын башында дыйкандар турмушунан картиналар тарткан. Алар өз мезгилинин элесин көрсөткөн полотнолорго жол ачкан. Реформадан кийинки Россиядагы социалдык мамилелердин татаалдыгын, тиричиликтин көп жактуулугун «Курский губерниясындагы крестүү жүрүш» (1880—83, Третьяков гал.) картинасында берген. Бул мезгилде ааттык үчүн, падышалык бийликке каршы



И. Е. Репин. Волгадагы бурлактар. 1870—73. Ленинград. Орус музейи.

күрөш идеясын туюндурган оң каармандардын образын («Пропагандисти камакка алуу», 1880—92; «Күтүшкөн эмес», 1884—88; экөө тең Третьяков гал.) түзгөн. 1870—80-ж. терең психологизм, адамды сүйүүгө ж-а демократизмге каныккан портреттерди (В. В. Стасов, 1873; А. Ф. Писемский, 1880; М. П. Мусоргский, 1881; Н. И. Пирогов, 1881 ж. б.) тарткан. Р. графикада, китеп иллюстрацияларында да иштеп, тарыхый живописте да олуттуу чыг-ларды жаратуу м-н («Софья канша», 1879; «Иван Грозный жана анын баласы Иван», 1885; экөө тең Третьяков гал.; «Запорожьеликтер түрк султанына кат жазууда», 1878—91; Орус музейи ж. б.) орус сүрөт өнөрүнүн тарыхына олуттуу из калтырган. Р-дин ысмы дүйн. мад-т ишмерлеринин катарында турат. Ленинград живопись, скульптура ж-а архра ин-ту анын ысмында.

Чыг.: Далёкое близкое, 2 изд., М., 1964.
Ад.: Фёдоров-Давыдов А. А., И. Е. Репин, М., 1961; Грабарь И. Э., И. Е. Репин, т. 1—2, М., 1963—64; Новое о Репине, Л., 1968.

РЕПЛИКАЦИЯ (лат. replicatio—кайталоо), ауторепродукция, редупликация — бардык тирүү клеткалардагы *нуклеин кислоталарынын, гендин* ж-а *хромосомалардын* өзүн өзү экиге эселендирүү ж-а кайталоо процесси. Р. *дезоксирибонуклеин кислотасы* (ДНК) же *рибонуклеин кислотасынын* (РНК) ферменттик синтези аркылуу жүрөт. Организмдерде болуучу Р. ж-а андан кийинки клетканын бөлүнүшү эң маанилүү кубулуш. 1953-ж. англ. илимпоздор Ж. Уотсон м-н Ф. Крик ДНКнын полинуклеотиддик чынжырчаларынан турган кош спираль сыяктуу моделин түзүшкөн. Бул модель маанилүү генетикалык кубулуштарды пайдөөгө, ДНКнын молекуласында *генетикалык информация* кандайча жазылгандыгын (к. *Генетикалык код*), генетикалык материалдардын экиге көбөйүүсүнүн хим. механизмин үйрөнүүгө мүмкүндүк берди.


Генетикалык информация ДНКда жазылгандыктан генетикалык материалдардын Р-сы ДНКнын Р-сы м-н тыгыз байланыштуу. ДНКнын молекуласы кош спираль түрүндө түзүлгөндүктөн Р-га жөндөмдүү. ДНКнын Р-сы ДНК — полимераза, ДНК — лигаза, ДНК — метилаза ж. б. көптөгөн ферменттин катышуусу ж-а генетикалык контролдоо м-н өтөт да, анын комплементардык чынжырчаларынын экиге тарашка ажырашынан башталат. Ажыраган ж-а мурунку чынжырчаларга комплементардык жаңы чынжырчалар синтезделет. Татаал түзүлүштүү организмдердин клеткаларында негизги генетикалык кызматты хромосомалар аткарат. Клетканын бөлүнүүсүнүн интерфазасында (к. *Митоз*) хромосоманын составына кирүүчү ДНК ж. б. заттардын Р-сы болот. Андан кийин экиге көбөйгөн хромосомалар ажырашат да, жаңы пайда болгон клеткаларга тең бөлүнөт. Ошентип генетикалык информация толугу м-н жаңы клеткаларга, клеткалар аркылуу укумдан тукумга берилет.

Ад.: Молекулярные механизмы генетических процессов, М., 1972; Бейсон Ж., Генетика, пер. с франц., М., 1976; Дубинин Н. П., Общая генетика, М., 1976.

РЕПОРТАЖ (фр. reportage — кабарлоо дегенден) — журналистиканын кабар жанры; анда автор өзү күбө болгон же катышкан кандайдыр бир окуя толук бойдон ыкчам кабарланат. Массалык байланыштын (басма сөз, радио уктуруу, телекөрсөтүү) түрүнө жараша Р-дын материалы бири биринен айырмалуу өзгөчө ыкмалар м-н берилип, фотосүрөттөр м-н иллюстрацияланат. Басма сөздөгү (негизинен газетадагы) Р-дар окуялуу да, тематикалуу да болот, анда башка мезгилде өткөн окуялар бир темага бириктирилиши да мүмкүн. Радиодон берилген Р-дар окуяны баштан аяк баяндайт. Телекөрсөтүүдөгү Р-да экрандагы окуя комментарияланат (к. *Комментарий*). Р-дын жалаң фотосүрөттөн турган да түрү бар. Марксчыл журналистиканын Р-ында коомдук-саясий, экон. ж-а маданий турмуштагы өтө маанилүү ж-а кызыктуу чын окуялар кабарланат.

Реакциячыл бурж. журналистикада, айрыкча «ушакчылар басма сөзүндө» Р. укмуштар, талаш-тартыш, чуулгандуу окуяларды кабарлап, эмгекчилердин көңүлүн социалдык, саясий курч маселелерден алагды кылуу максатын көздөйт.

РЕПОРТАЖДЫК ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮ УСТАНОВКАСЫ — көчмө телекөрсөтүү станциясынын ыкчам ж-а өз алдынча иштөөчү түрү. Р. т. у. окуя (спорт ж. б.) болуп жаткан жерден репортаж, телекөрсөтүү интервьюсун ж. у. с. уюштуруу ж-а өткөрүү үчүн пайдаланылат. Кээ бир Р. т. у. кыймылда болгон объектини, мис., жөө күлүктөрдү, велосипед жарышын ж. б. алар м-н кошо жүрүп, репортаж берө алат. Ал установка атайын автомобилге орнотулма ж-а көтөрүп жүрмө (к. сүрөт) болуп болгөт. Р. т. у-нда адатта кичине габариттүү 1—2 телекөрсөтүү камерасы болот. Камера микроавтобустагы телекөрсөтүү аппаратурасы м-н коаксиаль кабели (уз. 100—200 *м*) же радио байланыш линиясы аркылуу байланышат. Р. т. у-нан телеборборго репортаждык сюжеттерди берүү үчүн типтүү көчмө



Видеомагнитофондуу репортаждык телекөрсөткүч установка.

телекөрсөтүү станциясынын радио байланыш каналын же Р. т. у-ның аз кубаттуу радио бергичтен сигналдарды кабыл алып, андан кийин аларды теleборборго радиорелелиния б-ча же видеожазуучу бергич ретранслятор пайдаланылат.

РЕППЕ РЕАКЦИЯЛАРЫ — көмүртектин кычкылы м-н ацетиленге негизделген синтездер. Булардын негизгилери: карбонилдөө — көмүртектин кычкылы м-н суюу (же спирт, аминдер ж. б.) ацетиленге, олефиндерге, спирттерге ж-а жөнөкөй эфирлерге таасир кылуудан карбон к-таларын ж-а алардын бирикмелерин алуу; винилдөө — ацетиленди спирт, кислота, аминдерге кошуп, жөнөкөй ж-а татаал винил эфирлерин, винилсульфиддерди, виниламинддерди пайда кылуу; этинилдөө — ацетилен м-н альдегиддердин конденсациялануусу. Бул реакцияларды немец химиги В. Реппе ачкан.

РЕПРЕССИЯ (лат. repressio — басуу) — мамл. орган тарабынан колдонулуучу жазалоо чаралары.

РЕПРИЗА (фр. reprendre—кайта алуу, кайталоо) — 1) муз. чыгарманын белгилүү бир бөлүгүнүн кайталанышы. Чыгарманын аткарылган бир бөлүгү эч өзгөрүүсүз же башка бөлүмдөн кийин кайталанса, кайталанчу бөлүмдү көчүрүп жазбай, Р. белгиси коюлат; 2) цирк м-н эстрададагы Р.— клоун же сүйлөөчү артисттер аткаруучу создон, соз м-н аракеттин айкалышынан, пантомимадан турган тамашалуу оюн (номер).

РЕПРОГРАФИЯ (ре... ж-а лат. prodúco — чыгарам ж-а *...графия)* — документтик информацияны түздөн түз же кыйыр репродукция жасап, жарык сезгич ж. б. кабыл алгыч материалга факсимилдүү көчүрүү. Р-нын методдору ж-а каражаттары ар кандай суроттун түп нускасын формасы ж-а мазмуну б-ча туура көчүрмө алууну камсыз кылат.

РЕПРОДУКТОР — 1) үндү күчөтүп уктуруучу түзүлүш. «Р.» термини күчөтүп сүйлөгүчтүн синоними катары 20-к-дын 20—40-жылдарында ооз эки тилде колдонулган. 2) Информацияны кандайдыр бир ташыгычтан (перфокарталар, перфоленталар) ага окшош башка ташыгычка кайра көчүрүп жазуучу же перфокарталарды кайра топтоштуруучу *перфоратор*.

РЕПТИЛИЯЛАР, к. *Сойлоочулар.*

РЕРИХ, Рёрих Николай Константинович [27. 9(9. 10). 1874, Петербург — 13. 12. 1947, Нагар, Индия] — орус живописчиси, археолог, салкатчы, коомдук ишмер. Петербург САда А. И. Куинжиден (1893—97) ж-а ун-ттин укук ф-тетинде (1898-ж. бүткөн) окуган. 1909-жылдан академик. Славян арх-ясы б-ча эмгектенген. Р-дин корком чыг-лыгы тарыхый окуяларды жаратылыш м-н айкалыштыра берүүгө умтулгандыгы м-н айырмаланат («Чабарман», 1897, «Байыркы Русь. Славяндар» циклынан, Третьяков гал.; «Дециздин ары жагынан келген меймандар», 1901; «Шаар куруу», 1902, экөө тең Третьяков гал.; «Асмандагы кагылыш», 1912, Орус музейи, Ленинград). 1910-жылдарда театр жасалгасында ж-а монумент өнөрүндө эмгектенген. 1918-жылдан чет өлкөдө (АКШда; 1923-жылдан Индияда) жашап, Борб. ж-а Чыгыш Азия б-ча арх-ялык экспедицияларга чыккан. Индия ж-а совет элинин достугун чыңдоодо да салымы чоң. Р-дин 400дөн ашуун чыгармасы СССР музейлеринде сакталуу.

Чыг.: Письмена, М., 1974; Из литературного наследия, М., 1974; Алтай — Гималай, М., 1974.

Ад.: Князева В. П., Н. К. Рёрих, 1874—1947, Л.—М., 1963; её же, Н. Рёрих, М., 1968; Полякова Е., Н. Рёрих, [М.], 1973.

РЕСИФИ, Пернамбуку — Бразилиядагы шаар. Пернамбуку штатынын админ. борбору. Капибериби ж-а Бебериби д-ларынын чатында. Атлантика океанындагы маанилүү деңиз порту ж-а өлкөнүн түш.-чыгышындагы экон. борбор. Автомобиль ж-а т. ж. тоому, аэропорту бар. Калкы 1046,4 миң (шаар айланасы м-н; 1970). Тамак-аш (кант, спирт, ж. б.), текстиль, машина куруу (аның ичинде кеме верфи), цемент, хим., булгаары бут кийим ж. б. өнөр жай ишканалары иштейт. Ун-т бар. Р. 16-к-дын 1-жарымында негизделген.

РЕСПИРАТОР (лат. respiro — дем алам) — жеке адамдын дем алуу органдарын чандан ж-а зыяндуу заттардан сактоочу прибор. Изоляциялоочу Р. абада кычкылтек жетишпей (16%тен кем), анда зыяндуу көтүндү көп болгондо пайдаланылат. Чаңды чыпкалоочу Р. жеңил, чакан, бирок аба өтө булганганда анчалык пишенимдүү эмес. Радиоактивдүү чаңдан сактоочу Р-до чыпка катары турдүү була материал (кийиз, кебез, жыйрылма кагаз, борпоң картон же синтетика булалары) пайдаланылат. Өндүрүш ж-а лабор-ялык шарттарда жөнөкөй Р.— дакинин эки катмарынын ортосуна жайгашкан чыпкалоочу кездемеден турган «лепесток» деп аталуучу Р-дук ШБ-1 таңгычы кеңири таралган.

РЕСПУБЛИКА (лат. respublica, res — ишь, prublicus — коомдук, жалпы элдик) — мамлекеттин бардык жог. бийлик органдары, же шайлануучу же жалпы улуттук окулдук уюмдары (парламенттер) тарабынан түзүлүүчү башкаруу формасы. Р. античный доордо монархиянын карама-каршысы катары келип чыккан. Бурж. Р-ның негизги 2 түрү бар: президенттик ж-а парламенттик. Президенттик Р-да шайланма президент мамлекет ж-а өкмөт башчылыгынын бийлигине ээ (АКШ, Аргентина, Бразилия). Парламенттик Р. парламенттин формалдуу башкаруусуна негизделет. Өкмөт өз иши б-ча парламент алдында саясий жактан коллективдүү жоопкер. Парламенттин мүчөлөрүнүн көпчүлүгү колдосо, өкмөт бийликте турат, колдобосо, отставкага кетет же мамлекет башчысы аркылуу парламентти таратып, мөөнөтүнөн мурда эле парламенттик шайлоону белгилейт. Парламенттик Р-да өкмөт жалаң парламенттик жол м-н негизги партиялардын ишмерлеринен турган депутаттардан түзүлөт. Парламенттик Р-да премьер-министр адатта башкаруучу партиянын лидери болот (к. *Парламентаризм*).



Н. К. Рёрих.

Р. соц. мамлекеттин жападан жалгыз формасы болот, б. а. соц. мамлекет Р-дан башка формада өкүм сүрбойт. Түрү ар кандай болсо да (сов. Р., элдик Р., элдик-демокр. Р. ж. б.), соц. Р. бирдей соц. принциптердин негизинде курулат, к. *Мамлекет.*

РЕСПУБЛИКАЛЫК АГРОХИМИЯ ЛАБОРАТОРИЯСЫ СССР а. ч. министрлигинин атайын чечими б-ча 1964-ж. Фрунзе ш-нда уюшулган. Кыргыз ССР а. ч. мин-восуна караштуу. Чүй ж-а Талас өрөөндөрүндөгү колхоз, совхоздорду агрохим. жактан тейлейт. Лабор-янын негизги милдети: минерал ж-а жерг. жер семирткичтерди а. ч-да колдонуу б-ча ил. сунуштарды иштеп чыгуу, агрохим. картограмма түзүп, аны чарбаларга таратуу. Ал чарбалардын тоют өсүмдүгү м-н жеминин бардык түрүнүн санатын текшерип, туура пайдалануу үчүн тийиштүү сунуш киргизет. Шордуу ж-а шортоң топуракты аныктап, аны жакшыртуу үчүн долбоор түзөт. Кырг-ндын жер шартынын, аба ырайынын, өсүмдүгүнүн түрдүүлүгүнө байланыштуу Ош, Ысык-Көл, Нарын обл. агрохим. лабор-ялар бар. Ар бир лабор-я 50—140 чарбаны тейлейт. Бул системада 237 кызматкер иштейт (1977).



Н. К. Рёрих. Гуга Чохан. 1931.

РЕСПУБЛИКАЛЫК АКТЁРЛОР ҮЙҮ — театр ишмерлеринин чыг-лык клубу. Р. а. ү. Кыргыз ССР театр коомунун карамагында 1962-ж. түзүлгөн (биринчи пред-ли М. Рыскулов). Башкы милдети: КПСС БК м-н Совет өкмөтүнүн ад-т ж-а театр өнөрү б-ча токтомдорун пропагандалоо, спектакль жаратууда театр коллективине көмөк көрсөтүү, алардын профессионалдык деңгээлин көтөрүү, эл турмушу м-н

театр өнөрүнүн байланышып чыңдоо. Аны ишке ашыруу үчүн Р. а. ү. лекциялар, семинарлар, докладдар, сахна чеберлеринин чыг-лык кечесин, кароолор м-н конкурстарды уюштурун турат. Иш чараларын өткөрүүдө секциялар түзүлөт. Р. а. ү. Кыргыз ССР театр коомунун башкармасынын президиуму бекиткен план б-ча иш жүргүзөт.

РЕСПУБЛИКАЛЫК КАН КУЮУ СТАНЦИЯСЫ — респ-када кан даярдоо, куюу иштерин уюштуруучу ж-а тейлөөчү мед. мекеме. 1936-ж. уюшулган. Станция донорлорду каттап, мед. анализ жүргүзот, канды даярдайт, сактайт, тийиштүү ооруканаларга белүштүрөт, кандан жаңы дары-дармек даярдайт, дарылоо мекемелерине кан куюунун жаңы методдорун сунуш кылат, респ-канын Кызыл Крест ж-а Кызыл жарым Ай уюмдарынын мекемелери м-н бирдикте иштейт. Станцияда 26 врач, 75 орто мед. кызматкер эмгектенет.

РЕСПУБЛИКАЛЫК КОНСУЛЬТАЦИЯ ПОЛИКЛИНИКАСЫ — оорулууларга атайын жог. деңгээлдеги дарылоо-профилактикалык жардам берүүчү мекеме. Оорулууларды Р. к. п-на жерг. врачтар жиберет. Анда дасыккан адистер эмгектенет. 1977-ж. поликлиникада 22 адистештирилген кабинет ж-а 5 лаборатория иштеп, 28414 оорулуу кишиге консультация берилген.


РЕСПУБЛИКАЛЫК КУУРЧАК ТЕАТРЫ, Кыргыз куурчак театры — Кырг-ндагы профессионалдык театр. 1938-ж. Фрунзе ш-нда уюштурулган. Биринчи корком жетекчиси — М. П. Волкова. Адегенде орус труппасы, 1948-ж. кыргыз труппасы түзүлгөн. Алгачкы спектаклдери: «Тулку сиңдим» (иштен чыккан Войденова), «Чет өлкөлүк Петрушка» (С. Маршак), «Зарлык менен Доо» (О. Сарбагышев), «Таластык мерген» (К. Эшмамбетов, В. Швембергер) ж. б. Булар эл жомокторунун негизинде түзүлгөн. 1945-ж. реж. В. А. Швембергер антифаш. мазмундагы өзүнүн «Жээктеги бороон», «Партизан токоюнун жомоктору», «Кичинекей партизандын эпеси» үчилтигин, кийин «Коңүлдүү мамалактар» (М. Поливанов), «Үч торопой» (В. Швембергер), «Р. В. С.» (А. Гайдар), «Күйгөн парустар» (Л. Браусевич), «Кечиримсурабайм» (С. Прокофьев) ж. б. спектаклдерди койгон. Кыргыз труппасында «Баатыр бала» (А. Алдашев), «Түткүн Каныш» (А. Көбөгөнов, Н. Медведкина), «Күйручуктун күлкүсү» (К. Бектенов), «Эр Төштүк» (Ж. Садыков), «Жоронун жоруктары» (М. Тойбаев), «Падеген жетет муратка» (А. Сырымбетов, К. Саскеев) ж. б. коюлган. Театр Ташкенде (1969), Фрунзеде (1975) өткөн О. Азия м-н Каз-н респ-калар фестивалынын лауреаты ж-а Бүткүл союздук куурчак театрларынын 12-фестивалынын дипломанты (Москва, 1976). Труппада (1977) А. Алгожоева, К. Алгожоев, А. Усольцева, Е. Полоцкая, Н. Самародов, М. Шербань, Т. Старжинская, К. Сыдыгалиев, А. Жаналиев, Р. Полякова, Ж. Өмүралиева, Р. Качкынова, И. Өмүралиев, А. Сүйөркулова, Ж. Эркинбаев, Ж. Дүйшөнбаев ж. б. бар. Башкы режиссёру — А. И. Кулакова, реж. Кыргыз ССРинин иск-вого эмг. сиң. ишмери К. А. Саскеев.

Ад.: Львов Н., Киргизский театр, М., 1953.

РЕСПУБЛИКАЛЫК ТЕРИ-ВЕНЕРОЛОГИЯ ДИСПАНСЕРИ — респ-канын борборундагы тери, *венера ооруларын* алдын алуучу, дарылоочу, ага каршы күрөшүүчү мекемелердин иштерин уюштуруучу мед. жай. Кырг-нда венерология лабор-ясы 1923-ж. Пишпекте ж-а 1925-ж. Ош ш-нда ачылган. Диспансердин 210 орундуу стационарында 15 дерматовенеролог, рентгенолог ж. б. врачтар эмгектенет (1978).

РЕСПУБЛИКАЛЫК ЭЛ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ҮЙҮ — өздүк көркөм чыгмалык өйримдерине методикалык жардам көрсөтүп, эл чыг-лары б-ча кароо, семинар, кеңешме ж. б. чараларды өткөрүп туруучу мекеме. 1938-ж. уюшулган. Биринчи директору — Т. Батукаев. Эл чыг-лык үйүнүн негизги иши — көркөм коллективдер үчүн репертуар кабыл алуу ж-а кобойтүп, жер-жерлерге жеткирүү. Азыр Кырг-нда 4 эл чыг-лык үйү бар, эң ириси — Р. э. ч. ү. (Фрунзе ш.). Алар Кыргыз ССР мад-т мин-восупа ж-а обл. мад-т башкармаларына баш нет.

1. Реж. К. А. Саскеев. «Эр Төштүк». 2. Реж. А. И. Рубанов. «Мен — жоожо, сен — жоожо».





жылып кетишине мүмкүндүк бербейт, ал эми тактадардын эркин учу машинанын кузовуна атайын асма шарнир түрүндө бекитилет.

РЕСТАВРАЦИЯ (лат. restauratio — калыбына келтирүү) — кандайдыр бир нерсенин (арх-ра эстеликтери, иск-во чыг-лары, үн жазуулары, кинофотодокументтер, кол жазмалар ж. б.) алгачкы түрүн калыбына келтирүү (же ошого окшоштуруу), жаңыртуу.

РЕСТАВРАЦИЯ (архитектурада ж-а сүрөт өнөрүндө) — тарых ж-а мад-т эстеликтеринин (арх-ралык курулуштар, сүрөт ж-а жасалга-колдонмо өнөрүнүн чыг-лары, археол. табылгалар) бузулган, сынынан кеткен, ыянга учурагандарын бекитүү, кайра калыбына тургузуу, алгачкы түрүнө келтирүү. Р.— тарых ж-а мад-т эстеликтерин коргоонун, алардын тарыхый ж-а көркөмдүк маанисин сактап калуунун маанилүү болүгү. Р. кезинде жүргүзүлгөн изилдөөлөр тарыхый өнүгүштүн калыптанган концепцияларын түп тамырынан өзгөртүшү да мүмкүн. Мис., 1890-жылдары И. Е. Забелиндин 12-к-га тиешелүү Успенье соборуна жүргүзгөн Р-лык иштери монгол мезгилине чейинки байыркы орус курулуштарынын так стилдик белгилерин аныктоого мүмкүндүк берген.

Р. иши античный доордон эле белгилүү, бирок анын ил. методикасы 19-к-дын башында гана иштелип чыккан. Р-нын теориясына ж-а практикасына грек арх. Н. Балапостун *Парфенонду,* Эрехтейонду, Афины акрополунун Пропилей курулуштарын Р-лоо б-ча иштери чоң таасир тийгизген. Азыркы мезгилдеги Р-нын теориялык негизинин үч методу бар: 1) консервация, б. а. Р-га чейин эстеликтин кейин кандай болсо, дал ошол бойдон калтыруу; 2) өзгөчө учурларда (сейрек) колдонулуучу ж-а эстеликти баштан аяк кайра калыбына келтирүүчү синтез. метод; 3) эстеликти ар тараптан изилдөө үчүн илимдин бүгүнкү табылгаларын пайдаланып, деталдарына чейин изилдеп, Р-лоочу аналит. (арх-ялык) метод. СССРде Р. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында атайын мекемелер тарабынан ишке ашырылган. 1918-ж. И. Э. Грабардын демилгеси м-н Бүткүл россиялык Р. комиссиясы (кийин Борб. Р. өнөрканасы деп аталат) ачылган. Р. иши айрыкча Улуу Ата Мек. согуштан кийин кеңири кулач жайды. Новгород, Псков, Ленинград, Москва, Киев, Балтика жээгиндеги респ-калардын шаарларындагы эстеликтер калыбына келтирилди. 1948-жылдан Р. б-ча респ-калык, обл., шаардык өнөрканалар, 1958-жылдан Бүткүл союздук Борб. консервация ж-а Р. ил.-из. лабор-ясы (ВЦНИЛКР) түзүлгөн. 1968-жылдан Кыргыз респ-калык Р. өнөрканасы иштейт. Анын коллективи Манастын күмбөзүн, Бурана ж-а Өзгөн арх-ра комплексин Р-лоо б-ча иш алып барды.

Ад.: Методика и практика сохранения памятников архитектуры. Сб., М., 1974; Ополовников А. В., Реставрация памятников народного зодчества, М., 1974.

РЕСТАВРАЦИЯ Франциядa — 18-к-дын алгындагы Улуу француз рев-ясынын натыйжасында кулаган *Бурбондор* династиясынын экинчи жолу башкаруу мезгили. Ал бири биринен «Жүз күн» мезгили м-н ажырап турган 1-Р. (1814—15) ж-а 2-Р. (1815—30) болуп болүнөт. Ак сөөктөр м-н клерикалдардын кызыкчылыгын көздөгөн Р. режими *Июль революциясы (1830)* м-н аяктаган.

РЕСУРСТАР (фр. ressource — көмөкчү каражат) — акча каражаты, мүлк, мүмкүнчүлүк; мамл. бюджеттеги киреше булагы. Ал экон. (материалдык, эмгек, финансы) ж-а табигый Р-га болүнөт, к. *Табигый ресурстар.*

РЕТИКУЛ ФОРМАЦИЯСЫ (лат. reticulum — торчо, formatio — түзүлүш), торчодой түзүлүш — мээ сөңгөгүнүн борб. болүктөрүндө жайгашкан *нейрондордун* жыйындысы. «Р. ф.» терминин немец илимпозу О. Дейтерс киргизген. Р. ф. мээнин көп болүгү м-н байланышат да, аларга таасир тийгизип турат. Анда мээнин жог. болүктөрүнөн келүүчү (эфферент) ж-а борб. нерв системаны карай багытталган (афферент) нерв импульстары өтөт. Р. ф-нын төменку ж-а жог. тааспри бар. Биринчиси жүлүнгө багытталып, андагы эркин ыймылдоолорго катышуучу булчуңдардын талчаларын нервдештирген альфа-мотонейрондорго таасир этип, булчуңдардын тонусун бошотот. Муну Р. ф-нын тормоздоочу таасири дейт. Экинчиси



Маймылдын мээ сыртышындагы ретикул формациясынын таралыш жолдору.

мээ сыртышына багытталып, андагы бардык болүктү козголуу процессинде кармап турат. Аны түрдүү дарылар (к. *Нейролептик каражаттар*) тормоздойт. Р. ф-нын функциялык абалын мээ сыртышы башкарып, жеңге салат.

Ад.: Ретикулярная формация мозга, пер. с англ., М., 1962; Магун Г., Бодрствующий мозг, пер. с англ., 2 изд., М., 1965; Анохин П. К., Биология и нейрофизиология условного рефлекса, М., 1968.

РЕТИКУЛ-ЭНДОТЕЛИЙ СИСТЕМАСЫ, макрофаг системасы — кишн ж-а айбанаттардын организминде түйүлдүктүн туташтырма тканынан (мезенхимадан) пайда болуп, эркин жүрүүчү фагоциттөөчү клеткаларга (макрофагга) айлануурга жөндөмдүү клеткалардын жыйындысы. Р.-э. с-нын негиздөөчүсү И. И. *Мечников* сезгенүү ж-дөгү изилдөөлөрүндө туташтырма ткандын ж-а кандын көө бир клеткаларынын макрофагга айлана турганын көрсөткөн. Р.-э. с-на туташтырма ткандагы гистиоциттер, кандагы моноциттер, капиллярдын ички катмарындагы клеткалар, боордогу купфер клеткалары ж. б. кирет. Р.-э. с. организмдин коргонуу функциясына, иммунитет процесстерине, зат алмашууда пайда болгон көө бир заттардын уулуу таасирин таратууга катышат. Эритроциттердин бузулуусу, утилизациялоосу ж-а өт пигменттеринин пайда болушу көк боор м-н боордун Р.-э. с-нын клеткаларына өтөт. Андагы пигменттердин топтолушуна байланыштуу ал органдардын оңү күрөң, коңүш болот. Эгер липиддер көбөйсө, боор м-н көк боор чоңоёт. Р.-э. с-на бай органдарды (мис., көк боор) алып таштаганда адамдын ооруга туруктуулугу начарлап, түрдүү шишиктер пайда болушу мүмкүн.

РЕТУШЬ (фр. retoucher — сүрөтүн өндоо) — кол м-а тартылган сүрөттүн, фото сүрөттүн кемчилиги бар айрым жерлерин калөм, боёк же хим. иштетүү м-н керектүү түскө келтирүү же кырын тазалоо аркылуу өндоо. Полиграфияда оригиналды басууга даярдоо ж-а басма формаларын жасоо алдында негативдерге ж-а диапозитив-

Өзгөн күмбөздөрүн реставрациялоо учуру. 1976.







А. Г. Реуцкая.

дерге Р. жасалат. Техникалык Р. кокусунан кеткен кемчиликтерди (чекиттерди, тактарды, чийилген издерди ж. б.) жок кылат. Градациялык Р.— фото сүрөттөрдүн айрым жерлеринин өңүн күчөтүү же өчүрүү. Картографиялык өндүрүштө ажыратма Р. жүргүзүлөт.

РЕУЦКАЯ Аграфена Павловна (1918-ж. т., Кыргыз ССРи, Чүй р-ну, Юрьевка кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1957). Эмгек жолун 1936-ж. «Красное поле» к-зунда саанчы болуп иштөөдөн баштаган. 1951—60-ж. Кемин р-пундагы Ильич атн. асыл тукум чарбада, 1960-ж. Чүй р-пундагы Жданов атн. к-здо саанчы. Ар саан уйдан 1954-ж. 5048, 1955-ж. 5027, 1956-ж. 6008 кгдан сүт саап алган. Ленин ордени, «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

РЕФЕРАТ (лат. refero — билдирем) — жазуу жүзүндө же эл алдында сүйлөө аркылуу китептин, ил. эмгектин, ил. маселенин изилдөө жыйынтыгын кыскача билдирүү; тийиштүү ад-тарды ж. б. пускаларды камтыган айрым темадагы доклад. Р. эреже катары ил.-билдирүү милдетин аткарат. Жалпы билим берүүчү мектептерде, атайын окуу жайларда окуучулардын факультативдик ж. б. сабактарында атайын даярдан жасаган билдирүүлөрү да Р. деп аталат. Кандидаттык же докторлук ил. даража алууда Р. (автореферат) ошол диссертациялык эмгектин негизги ил.-теориялык жоболорун камтыйт.

РЕФЕРАТ ЖУРНАЛ (РЖ) — мезгилдүү басылма; ил. иш рефераттарын, дагы башка информ. материалдарды (библ. сыпаттама, аннотация), басылмалардын рубрикациясын (классификациялык схема) ж-а көмөкчү көрсөткүчтөрдү жарыялайт. Милдети — адистерге дүйнөдө чыгып жаткан бүткүл ил.-тех. ад-ттар ж-дө ўзбой кабар берүү. РЖ болбосо, адис жарыяланган эмгектердин 6%тейи м-н гана, ал эми РЖ аркылуу 80% м-н тааныша ала турганы аныкталган. Сов. түңүч реферат басылма — «Сообщения о научно-технических работах в Республике» (1920—32) деген журнал. СССРде РЖ чыгаруу ишин илимди, техниканы, эл чарбасын, мад-тты маалымат м-н жабдып туруу максатында мамлекет координациялайт.

РЕФЕРЕНДУМ (лат. referendum — билдирилүүгө тийиш нерсе) — мамл. укукта конституциялык, закон чыгаруу, ички ж-а тышкы саясий маселелер б-ча шайлоо корпусунун акыркы чечим кабыл алышы. Р. өткөрүү шарты ж-а процедурасы тийиштүү мамлекеттин конституциясы, закондору м-н жөнгө салынат. Предметине, өткөрүү ыкмасына, колдонуу чөйрөсүнө жараша Р. конституциялык Р. (конституция долбоору же ага түзөтүү киргизүү жалпы элдин добуш берүүсүнө коюлат) ж-а закон чыгаруу Р-у (Р. предмети—закон долбоору, милдеттүү түрдөгү Р.) же факультативдик деп бөлүнөт. Р.— чыныгы демократиянын элементи, бирок аның демократиялуулугу мамлекеттин тактык мүнөзүнө байланыштуу. СССРде Р. өткөрүү СССР Конституциясы б-ча (108-ст.) СССР Жог. Советинин Президиумунун демилгеси же союздаш респ-калардын биринин талабы м-н болот. Р. өткөрүү Болгария, Венгрия, ГДР конституцияларында да белгиленген.

РЕФЛЕКС ДОГОСУ (лат. reflexus — чагылуу) — *рефлекстерди* пайда кылуучу нерв түзүлүштөрүнүн тобу. Ал рецепторлордон иштөөчү органга же клеткага дүүлүгүүнү өткөрүп, нервдердин байланышын түзөт. Р. д-на: рецептор, борб. нерв системаны көздөй нерв импульсун өткөрүүчү (афферент) нерв талчалары, козголууну кабыл алып, аны тийиштүү *синапстар* аркылуу иштөөчү органга өткөрүүчү нейрон, козголууну борб. нерв системасынан четке жеткирүүчү (эфферент) нерв талчалары ж-а иштөөчү орган (эффектор) кирет. Р. д. рефлекстин структуралык негизин түзөт.

РЕФЛЕКС ЗОНАЛАРЫ — организмдин атайын *рецепторлор* жайгашкан бөлүктөрү. Аларды дүүлүктүргөндө *шартсыз рефлекс* пайда болот. Ар бир рефлекстин өзүнчө Р. з. бар. Мис., мурун көндөйүн дүүлүктүрсө — чүчкүрүү, көкиртекти дүүлүктүрсө, жөтөлүү рефлекстери пайда болот. Төмөндөгү Р. з-нын чеги айкын эмес. Себеби бир зона жанындагы зонага катар турат. Ал *жылуудан* сегментик функциясына байланыштуу. Ички органдардагы Р. з. абдан таталдашкан. Алар организмдин гомеостаз (туруктуулук) көрсөткүчтөрүн тейлөөгө катышат (мис., толтодогу Р. з. кан басымынын бир калыпта болушун тейлейт). Шарттуу рефлекстер өзгөргүч келгенликтен алардын туруктуу Р. з. болбойт. Р. з. нерв системасынын тубаса түзүлүшүнө байланышкан, алар организмдин өсүүсүнө жараша жетилип турат.

Ад: Общая и частная физиология нервной системы. Л., 1969.

РЕФЛЕКСИЯ (лат. reflexio — артка кайрылуу, чагылуу) — адамдын өз иш-аракетин, ички дүйнөсүн түшүнүүгө багытталган теориялык ишмердүүлүгүнүн бир түрү. Р-нын мазмуну адам аткарган иш-аракеттер м-н шартталат ж-а практиканы, маданий көрүнүштөрдү андоо, түшүнүү болуп эсептелет. Ушул мааниде Р.— философиянын методу. ал эми диалектика — акыл-эстин Р-сы.

РЕФЛЕКСИЯЛУУЛУК—бинардуу (эки орундуу, эки мүчөлүү) катыштын дал келүүчү (объект м-н аның кузгүгүдөй чагылтуусунун) түгөйлөш объектилер үчүн аткарыла тургандыгын түюнтуучу касиет. Эгер каалагандай x объектиси үчүн аның аныкталуу X областынан R_x аткарылса, анда R катышы рефлекстүү деп аталат.

РЕФЛЕКТЕР (лат. reflexus — чагылуу) — *рецепторлорду* дүүлүктүргөн де борб. нерв система катышкан организмдин жообу. Термин физ. кубулуштардын негизинен алынып, физиологияга француз философу Р. Декарт киргизген. Р. организмдин ар кайсы бөлүкчөлөрүнүн, ички органдарынын кызматын бири бирине айкалыштырып, алардын кыймыл-аракеттерин биргелештирип, организмдин айлана-чөйрөдөгү өзгөрүүлөрө көнүгүүсүн ж-а жашоо шартын түзөт. Эволюциялык өсүүнүн натыйжасында нерв системасы жаралып, негизги кызматы ар кыл өзгөрүүлөрдү кабыл



Рефлекстин механизми: *1* — жүлүн (туурасынан кесилиши); *2* — булчуң; *3* — тери; *4* — тери рецептору; *5* — булчуң рецептору; *6—7* — афферент талчалары; *8* — афферент нейрону; *9* — мотонейрон; *10* — интернейрон (аралык нейрон); *11* — кыймылдаткыч талча; *12* — нерв булчуң синапсы.

алууга, пайда болгон нерв импульстарын тиешелүү органга өткөрүп туруута ылайыкталган. Организмдер таталдашкан сайын ага жараша Р. да өзгөрөт. И. П. *Павлов* Р-ди шартсыз (тубаса) ж-а шарттуу (кийин пайда болгон) деп экиге бөлгөн. Тубаса Р. туруктуу болуп, бир түрдүү жаныбарларга таандык (мис., тамактануу, коргонуу, жыныстык Р.). Шарттуу Р. бир гана организмге тийиштүү ж-а шартка жараша пайда болуп же жоюлуп турат. Шартсыз Р-дин тубаса рефлекс догосу бар. Шарттуу Р-дин догосу өзгөрүлүп тургандыктан аның негизинде убактылуу байланыш түзүлүшү мүмкүн. Р-дин каснети (өлчөмү, узактыгы, динамикасы) рефлекс догосунун ар бир бөлүгүнүн функциялык жагдайына ж-а дүүлүктүргүчтөрдүн күчүнө жараша өзгөрүлүп турат. к. *Шарттуу рефлекс, Шартсыз рефлекс, Павловдун физиологиялык окуусу*.

Ад.: Анохин П. К., Биология и нейрофизиология условного рефлекса, М., 1968; Сеченов И. М., Рефлексы головного мозга, М., 1952; Физиология высшей нервной деятельности, руководство по физиологии, М., 1970.

РЕФЛЕКТОР (лат. reflecto — тескери багыттайм, чагылдырам) — күзгүлүү объектив м-н жабдылган телескоп. Көбүнчө асманды сүрөткө тартып алууда, фотоэлектрдик ж-а спектрдик изилдөөдө, кээде визуалдуу байкоолордо пайдаланылат. Бир күзгүлүү Р-до бир эле объективи — парабола

күзгүсү бар: мында перселин сүрөтү күзгүнүн башкы фокусунда болот. Көп күзгүлүү Р-до байкоого ыңгайлуу болсун үчүн жарыкты бир орунга топтой турган эки жалпак эмес ж-а керектүү сандагы жалпак күзгүлөр пайдаланылат. Р-до сфералык аберрация толук жоюлган, бирок кома (аберрациялык оптика системасынын) көрүү талаасын чектеп турат. *Рефракторго* караганда хроматикалык аберрациянын болбошу ж-а калдыктуу аберрациянын өтө аздыгы Р-дун артыкчылыгы. СССРде күзгүсүнүн диаметри 6 *м* болгон Р. (1975) Түш. Кавказда курулууда.

РЕФОРМА (лат. reformo — кайра жаратам) — коомдук турмуштун тигил же бул жагындагы социалдык структурасын негизги жөө албаган өзгөрүү, кайра куруу. Жалпы жонунан Р. ар кандай мазмундагы жаңылыктарды киргизүүнү билдирет. Саясат теориясында ж-а практикасында аздыр-көптүр прогрессчил өзгөрүү, алдыга жылуу Р. аталат. Р.— антагонисттик коомдо эки жүздүү. Бир жагынан, ал эмгекчилердин абалынын тигил же бул жагынан жакшырылышын билдирет, келечекте күрөшүүгө шарт түзөт. Экинчи жагынан, рев-ялык күчтү башка пукка буруп, башкы максаттан алагды кылып, алсыдантат. Р. рев-ядан кескин айырмаланат. Р-да бийлик мурунку башкарган тактын колунда калса, рев-яда бийлик жаңы тактын колуна отот. Бирок олконун карама-каршылыгы абс. эмес. Рев-ялык процесстеги Р-ныи ролу объективдүү ж-а субъективдүү факторлорго көз каранды. Коммунисттер Р-ны саясий бийлик үчүн күрөш м-н айкалыштыруруга аракеттенишет. Ал рев-ялык процесстин маанилүү элементтерине айланат. Социализм жеңген соң Р. м-н рев-ялын карама-каршылыгы жоюлат. Коомдук мамилелердеги алгалоо аздыр-көптүр өзгөрүүлөр, кайра куруулар жүзүнө ашат.

Ад.: Ленин В. И., Марксизм жана реформизм, Чыг., кырг. 1-бас., 19-т.; Ленинская теория социалистической революции и современность, М., 1972.

РЕФОРМАЦИЯ (лат. reformatio — өзгөртүү, кайра куруу, өндоо) — 16-кда католик чиркөөсүнө каршы (диний күрөш формасында) чыккан, катышуучуларынын коомдук-саясий ж-а идеологиялык составы кеңири, социалдык мазмуну б-ча татаал, негизги антифеод. мүнөздөгү кыймыл; Батыш ж-а Борб. Европа өлкөлөрүнүн көбүн камтыган. Феод. өндүрүш мамилелеринин жикке бөлүнүшү, жаңы капит. мамилелердин ж-а топтордун пайда болушу, социалдык карама-каршылыктардын курчушу Р-нын чыгышынын негизги себеби болгон. Р. идеялык жактан *Кайра жаралуу* доорунда даярдалып, аның маанилүү булагын о. кылымдагы ересттер (өзгөчө диний окуу; өлкөнүн диний окуусунан четтеген диний агым) түзгөн. Р-нын идеологдору өз окуусунда католик чиркөөсүн ж-а папа башкарган аның мансап шатысынын зарылдыгын жокко чыгарган. Р. кыймылына католик чиркөөсүн ар түрдүү көз караштан сындаган тактар ж-а социалдык топтор катышкан. Ушуга байланыштуу Р. үч багытта жүргөн. Р-нын бюргердик-буржуазиялык багыты М. *Лютердин*, У. Ивинглинин, өзгөчө Ж. *Кальвиндин* окуусунан айкын көрүнөт. Бул багыт татаал чиркөөлүк шатыны, ыйыктарды, көп диний майрамдарды жоюуну, буржуазияның мүдөөсүн жактаган «арзан» чиркөөнү талап кылган. Р-ның элдик багыты (Т. *Мюнцердин* жетекчилиги м-н) дыйкандардын ж-а шаардык плебейлердин мүдөөсүн көздөп, диний жамааттар мүдөөлөрүнүн мурунку (христиандык) теңдигин калыптандыруруну, чиркөөлүк шатыны ж-а аның жер эелигин танууну, диний ж-а ак сөөктөр бийлигин жоюну, социалдык теңдикти, мүлктүн ортолукка берилишин талап кылган. Алар Р-ны болочокто эмгекчи элдин мүдөөсүн социалдык ж-а саясий төңкөрүш аркылуу жүзөгө ашырып, «жерде кудайдын падышалыгын» орнототкон акыйкат түзүлүш катары түшүнүшкөн. Р-ның короолдук-княздык багыты өз бийлигин чыңдоо ж-а чиркөөнүн жер байлыгын тартып алууну көздөгөн ак сөөк феодалдардын мүдөөсүн жактаган. Р. негизинен феодализмге каршы күрөштүн маанилүү этабы катары прогрессчил роль ойногон. Көп өлкөдө Р. кыймылы при тактык салгылаштарга айланган. *Дыйкандар согушу (1524—26), Нидерланд буржуазиялык революциясы (16-к.), Англиядагы буржуазиялык революция (17-к.)* Р. туусун көтөрүп чыккан. Р. жеңген өлкөлөрдө жаңы протестанттык чиркөөлөр уюштурулуп, Батыш Европада католизмдин ролу начарлаган.

Ад.: Маркс К., К критике гегелевской философии права. Введение, Маркс К., Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 1, с. 422—23; Энгельс Ф., Крестьянская война в Германии, там же, т. 7; Каутский К., Религия раннего капитализма, М., 1931.

РЕФОРМИЗМ жумушчу кыймылында — тап күрөшүнүн, соц. рев-ялын ж-а пролетариат диктатурасынын ж-а пролетариат диктатурасынын зарылдыгын жерген саясий агым. Бул агымдын аракети — тактар, кызматташтыгы аркылуу бурж. закондон чыкпай, реформалар жүргүзүү м-н капитализмди «жалпы жыргалчылык» ж-а социалдык адилет коомго айландыруу. Реформачылар сөз жүзүндө марксизмди жактамыш болот, бирок ишжүзүндө ревизиялайт (к. *Ревизионизм*); махизм, неопозитивизм, неокантчылыкты пропагандайт. Р. агымы 19-к-дын акыркы чейрегинде пайда болгон. Анын социалдык базасын майда буржуазия, жумушчу аристократиясы өңдүү бурж. идеологиянын таасириндеги жумушчу катмарлары түзгөн. 19-к-дын аягында Р. бардык с.-д. партияларга тарап, 2-Интернационалдын официалдуу идеологиясына айланган. Р-ди жумушчу кыймылына ачык ревизионисттер (Э. Бернштейн), центристтер (К. Каутский), Англиянын лейбористтик лидерлери, Россиядагы «экономисттер» ж-а меньшевиктер киргизген.

Марксизм-ленинизм Р-дин бурж. маңызын ачып, капитализм тушунда реформа аркылуу социализм куруу мүмкүн эместигин аныктайт; пролетариат диктатурасын орнотуу, коомду соц. негизде кайра куруу соц. рев-янын натыйжасында гана болоттурганын белгилейт. Бирок марксизм-ленинизм капитализмден социализмге тынч жол м-н өтүү мүмкүнчүлүгүн да танбайт.

Тарых социал-демократизм саясатынын, Р. идеологиясынын таш капкандыгын айгинеледи. Р-дин лидерлеринин мүнөздүү белгиси — идеялык саясий тунгуюкка алып барчу ачыктан-ачык антикоммунизм. Коммунисттик партиялардын милдети — жумушчу кыймылын монополисттик капитализмдин мүдөөсүнө баш ийдирүүгө, эмгекчилердин тынчтык, демократия ж-а социализм үчүн таймашынын ыркын кетирүүгө аракеттенген саясий агымдарга каршы күрөшүү.

Ад.: Окулов А. Ф., Борьба В. И. Ленина против философии реформизма и ревизионизма, М., 1959; Великий Октябрь и мировой революционный процесс, М., 1967; Сикорский В. М., Мировой революционный процесс и современный социал-реформизм, М., 1965; Попов С. И., Идейное банкротство современного реформизма, М., 1963; Идеология современного реформизма. Критика концепций правых социалистов, М., 1970.

РЕФРАКТОМЕТРИЯ (лат. refractus — сынган ж-а ...*метрия*) — оптикалык техниканын бир бөлүмү; ал оптикалык нурлануу (жарыктын) спектрин түрдүү участкаларда катуу, суюк, газ түрүндөгү чөйрөлөрдүн сынуу көрсөткүчүнүн өлчөө каражаттарын ж-а методдорун изилдейт. Чөйрөнүн сынуу көрсөткүчү n ж-а аның дисперсиясын D билүү м-н буларга көз каранды башка чоңдуктарды да аныктоого болот. Р. методу бир нече түргө бөлүнөт: 1) жарык эки чөйрөнү бөлүп турган чектен өткөндө жарыктын сынуу бурчун түздөн түз өлчөө методу; 2) жарыктын толук ички чагылуу кубулушу колдонулган метод; 3) интерференция методу (к. *Жарык интерференциясы*); 4) эки чөйрөнүн чегинде жарыктын чагылуу коэффициентинин ал чөйрөлөрдүн сынуу көрсөткүчтөрүнүн катышына көз каранды болгон фотометрдик метод (к. *Жарыктын чагылышы*); 5) башка методдор (иммерсия методу ж. б.). Р-ның биринчи үч методу кеңири таралган. Р. физ. химияда заттын составын ж-а структурасын жог. тактыкта аныктоодо колдонулат.

РЕФРАКТОР — линзалуу объектив м-н жабдылган телескоп. Р. визуал-



И. С. Решетняк.

дуу, фотографиялык, кээде спектрдик же фотоэлектрдик байкоолордо пайдаланылат. Фотографиялык Р-дун (астрограф же астр-ялык камера) фокус тегиздигинде фотопластинкалуу кассета орнотулган. Р-дун объективи эки линзадан турат: биринчиси (оң) жецил, сынуу көрсөткүчү аз айнектен (крона), экинчиси (терс) оор айнектен (флинт) даярдалган. Мында Р. м-н сфералык аберрация ж-а *хроматикалык аберрацияда* жоюлат. Жеңекой эки линзалуу Р-дун объективинде талааның астигматизми м-н ийрилигин түзотүүгө болбойт, анткени көрүү талаасы көрүү бурчтан ашпайт (градус) $11/\sqrt{D}$, мында D — объективдин диаметри. Астр-ялык байкоо үчүн аны биринчи жолу (1609) Г. *Галилей* колдонгон.

РЕЦЕНЗИЯ (лат. recensio—карап чыгуу дегенден) — жацы көркөм (адабий, театрдык, муз., кинематогр. ж. б.), ил. же ил.-популярдуу чыгармага берилген талдоо ж-а баа; газета-журналдык публицистика ж-а адабий сын жанры. Р-да китептин библ. баяны, мазмуну, композициясы, камтыган проблемалары кыскача айтылып, чыгармага сын (жанры, идеясы, стили, тили ж. б. ж-дө) берилет. Адабий сында Р-ныи бир нече түрү бар (чакан сын же публ. макала, кецири аннотация, эссе, автордук Р.). Р-ныи дагы бир түрү — ички Р. (басууга арналбаган кол жазма). СССРде атайын сын-библ. басылмалар («Книжное обозрение» газетасы, «В мире книг», «Литературное обозрение» журналдары ж. б.), 1935-жылдан кварталдык «Летопись рецензий» библ. көрсөткүчү чыгарылат.

РЕЦЕПТ (лат. receptum — алынган, recipio — алам) — врачтын аптекага жазган кайрылуусу. Анда дарыны даярдоо ж-а берүү, аны кандай түрүндө кабыл алуу ж-дө жазылат. Р. жеңекой (бир түрдегү дары жазылган) ж-а татаал (бир нече дары жазылган) болуп болунот. Р.— дарынын туура жасалгандыгын текшерүүгө мүмкүндүк берүүчү укуктук документ.

РЕЦЕПТОРЛОР (лат. recipio — кабыл алам) — сезгич нерв талчаларынын учундагы атайын түзүлүштөр. Алар түрдүү (мех., хим., ысык ж. б.) дүүлүгүүнү кабыл алып, анын энергиясын козголуу процессине айландырып. сезгич нерв талчалары аркылуу борб. нерв системага жеткирет. Р. *анализаторлордун* четки болүгү, алар аркылуу организм м-н чөйрөнүн байланышы түзүлөт. Р. экстерорецепторлор (сырткы) ж-а интерорецепторлор (ички), о. эле физ. же хим. кубулуштарды сезүүгө адистештирилген фото-, фото-, механо-, термо-, хеморецепторлор болуп болунот. Дельфиндерде, жарганаттарда ж-а шайтан көпөлөктөрдө ультраүндү, кээ бир балыктарда электр талаасын сезгич Р. болот. Бир түрдегү дүүлүгүүлөрдү кабыл алуучу Р.— мономодалдуу (мис., мех., жарык), түрдүү дүүлүгүүлөрдү кабылдоочу Р.— полимодалдуу деп аталат. Морфол. өзгөчөлүктөрү б-ча Р. биринчи ж-а экинчи преттеги сезгичтер болуп болунот. Биринчисинде рецептордук аспап сезгич *нейрондо* жайгашып, дүүлүктүргүч түздөн түз нейронго таасир этет (мис., жыт билүүчү Р.). Экинчисинде дүүлүктүргүч м-н сезгич нейрондун ортосунда кошумча адистешкен рецептордук клетка жайгашкан. Алар тышкы дүүлүгүүнүн энергиясын нерв импульсуна айландырат. Дүүлүктүргүч көпкө таасир этсе, Р-дун сезгич каснети төмөндөп, *адаптация* пайда болот. Түрдүү Р-дун функциялары бири-бири м-н байланышта. Алардын иши *борбордук нерв системасы* жонго салат.

Ад.: Виничков Я. А., Цитологические и молекулярные основы рецепции. Эволюция органов чувств, Л., 1971; Физиология сенсорных систем, ч. 1—2, Л., 1971—72 (Руководство по физиологии).

РЕЦЕССИВДҮҮЛҮК (лат. recessus — чегинүү) — тукумунда аталык же энелик кээ бир белгинин жок болуп калуусу, б. а. гендердин фенотиптик көрүнүш формаларынын бири. Р-ту Г. *Мендель* изилдеген (к. *Менделизм, Мендель закондору*).

Бир белги экинчи белгиге басымдуулук кылса, бул кубулуш *доминанттуулук*, белгинин өзү доминанттуу белги деп аталат. Доминанттуу белгинин тукум куучу фактору (А), рецессивдүү белги (а) м-н белгиленет, *гендин* доминанттык түрү (аллель А) өзүнүн каснетин гомо- ж-а гетерозиготалуулук (АА, Аа) абалында, рецессивдүү аллель (а) болсо, биринчиси жок болгон учур гана (—а) өзүнүн каснетин көрсөтө алат (к. *Гетерозигота, Гомозиготалуулук*). Өсөнтип рецессивдүү аллель-гендердин аллелдик жубунун комускодо калуучу мүчөсү. Гендердин Р-ү организмде кандайдыр бир биохим. функциянын басандоосу же өзгөрүлүшү м-н тыгыз байланыштуу. Өсөндүктан кишиде зат алмашуунун кээ бир тубаса бузулушу рецессивдүү түрдө тукум кубалайт. Мындай тубаса ылдеттин клиникалык белгилери гомозиготаларда гана болот. Ал эми гетерозиготалар нормалдуу (доминанттуу) аллель болгондуктан ылдетке чалдыкпайт (к. *Тукум куума оорулар*).

Ад.: Дубинин Н. П., Общая генетика, М., 1976; Лобашев М. Е. Генетика, 2 изд., Л., 1967.

РЕЦИДИВ (лат. recidivus — кайтып келүүчү дегенден) — кайсы бир көрүнүштүн жок болгонсуп барып, кайра көрүнүшү, кайталанышы.

РЕЦИДИВИСТ — мурдагы кылмышы үчүн жазаланып, кайта да кылмыш жасаган адам. Коомго өтө коркунучтуу болгондуктан Р. оор жазаланат. Сов. укук б-ча Р. көпилдикке берилбейт, айрымдарын жазадан мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотууга, жазанын жецилдетүүгө чек коюлат. Мурда соттолгон Р. кайрадан жасаган кылмышы үчүн жазаны режими катуу колонияларда өтөйт да, закондо атайын көрсөтүлгөндөй өзгөчө жасаган кылмышты кайталаса, коркунучтуу кылмышкер катары эсептелип, сот аны Р. деп атайын белгилейт.

РЕЧИТАТИВ (итал. recitare — жарыя окуу дегенден) — вокалдык музыканын түрү. Ал көркөм, эмоциялык сүйлөө интонацияларына, анын акцент, тынымдарына негизделет. Р-дүү обон өзүнчө муз. форманы түзбөй, тексттин синтаксистик болүнүшүнө байланыштуу болот. Бул форманын булагы элдик эпикалык иск-водо. Р. көбүнчө операда монолог жө диалог түрүндө жаралат. Мис., В. Моцарттын «Фигаронун үйлөнүшү» операсында Сузанна м-н Фигаронун диалог түрүндөгү Р-и; К. В. Глюктун «Альцеста» операсындагы монолог түрүндөгү Р., М. Абдраевдин «Бороон алдында» операсынан Балбайдын Р-и ж. б.

РЕЧКАЛОВ Григорий Андреевич (9. 2. 1918-ж. т., Худяково кыш., азыркы Свердлов обл., Ирбитский р-ну, Зайково кыш.) — эки жолу Сов. Союз Баатыры (1943, 1944), авиациянын генерал-майору (1957), 1-класстагы аскер учкучу. 1942-жылдан КПСС мүчөсү. Учкучтардын Пермь аскер авиация мектебин (1939) ж-а Аскер-Аба академиясын (1951) бүткөн. Улуу Ата Мек. согуш (1941—45) убагында кенже учкучтан учуруу техникасы б-ча авиадивизиянын учкуч-инспекторлугуна чейин жеткен. 450 согуштук учуш жасап, жеке өзү душмандын 56, башкалар м-н бирге 5 самолётун атып түшүргөн. Согуштан кийин аскердик жооптуу кызматтарда болгон. 1959-жылдан запаста. Ленин ордени, 4 Кызыл Туу, Александр Невский, 2 Кызыл Жылдыз ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. Р.— «Согуштун түтүндүү асманы» (1968), «Жаштыкта мейманда» (1968), «Молдавия асманында» (1967) деген китептердин автору.

РЕЧЬ ПОСПОЛИТА (полякча Rzeczpospolita — республика) — 15-к-дын аягы — 18-к-дагы поляк мамлекетинин салт б-ча аталышы. Сословиелик монархиянын өзгөчө формасы — Р. П-ны сейм шайлоочу король башкарган. *Люблин униясы (1569)* түзүлгөндөн 1795-жылга чейин поляк-литва мамлекетинин официалдуу аты.

РЕШЕТНИК Иван Семёнович (1924-ж. т., Түш. Каз-н обл., Пахта-Арал р-ну, Новотроицк кыш.) — Сов. Союз Баатыры (1943). Капитан. 1942-ж. Сов. Армияга Ош ш-нан чакырылган. Улуу Ата Мек. согушка 1943-ж. 1-июндан катышкан. 309-Пирятин аткычтар дивизиясынын 957-аткычтар полкунун 3-аткычтар батальонунун пулемётчулар взводунун командири. 1943-ж. 24-сентябрга караган түнү Р. өзүнүн взводу м-н биринчилерден болуп Монастырск-Шучинка участкасында Днепрден өтүүгө киришкен. Пулемёт м-н артиллериянын катуу огу атууга карабастан Р-тин взводу Днепрдин оң жээгине биринчи болуп отуп, Шучинка ж-а Балык элдүү пунктталган фашист баскынчыларын бошоткон. Днепрден сүзүп өтүүдө, аның оң жээгин ээлөөдө эрдик көрсөткөн. Р. согуштан кийин да Сов. Армиянын катарында кызмат өтөөдө.

РЕЮНЬОН — Инди океанындагы Маскарен а-дар тобундагы Реюньон а-нда жайгашкан өлкө. Франциянын эллиги («деңиз артындагы департамент»). Аянты 2,5 миң $км^2$. Калкы 480 миң (1977). Админ. борбору — Сен-Дени ш. (калкы 90 миңдей). Арал жанар тоо атылышынан пайда болгон. Бийикт. 3069 *мге* чейин (Питон тоосу).

Калкынын көбү аргындар. Мамл. тили — француз тили. Дини — католицизм.

Аралды португал. деңиз саякатчылары 16-к-дын башында эле ачканы м-н 17-к-дын ортосуна чейин ээн жаткан. 17-к-дын 40-жылдарында Р. франц. колониягa айланып, 1649-ж. Бурбон а. деп аталган. 1664-ж. франц. Ост-Индия компаниясына өткөн. 18—19-к-да Африкадан алып келинген кулдар эсебинен плантациялык чарба өнүккөн. Ост-Индия компаниясы жоюлган соң аралды королдук бийликтин өкүлдөрү башкарган. 1793-жылдан Р. деп аталган. 1810—15-ж. англистер оккупациялап, 1848-ж. кулчулук жоюлган. Экинчи дүйн. согуш мезгилинде (1939—45) Р. «Согушун жаткан Францияга» (1942-ж. ноябрь) бириккен. 1946-ж. «деңиз артындагы департамент» деген статус алган. 1959-ж. Р. компартиясы түзүлгөн. Р-дун демокр. күчтөрү экон. реформа ж-а өз тагдырын өзү чечүү укугуна ээ болуу үчүн күрөшүүдө.

Р-дун экономикасы француз монополиясынын контролдугунда. Бал камыш өстүрүлүп, кант алынат. Жеринин $^1/_4$ бөлүгү иштетилет; 10% шалбаа ж-а жайыт. Ваниль, герань, тамеки, чай, жүгөрү, картошка айдалат. Үй, чочко, кой багылат. Тамеки, консерва, эфир майын алуу, ваниль иштетүү ишканалары бар. Автомобиль жолунун уз. 1949 *км*. Сыртка кант, ваниль, эфир майын чыгарып, сыртан цемент, азык-түлүк, машина ж-а жабдууларды ж. б. алат. Экспорту м-н импорту дээрлик Францияга тийиштүү. Акча бирдиги — африка франкы.

РЕЮНЬОН КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫ (РКП) Франция компартиясынын реюньон федерациясынын негизинде 1959-ж. түзүлгөн. Анын уюмдаштыруу съезди (1959, 17—18-май) РКПнин тезистерин — программалык негизги документин бекиткен. Анда реюньон элинин колон. өзүүгө каршы, Франция чегинде саясий автономия үчүн күрөшүүнүн жолу белгиленген. РКПнин 2-съезди (1967, 13—15-авг.) болуп программалык талаптарды аныктаган. РКП жерди конфискациялоо м-н кант о. ж-н мамлекеттештирүү, агрардык реформа ж. б. демокр. кайра кууруларды жүзөго ашыруу үчүн күрөшөт. 3-съездинин чечимине ылайык (1972, 14—16-июль) РКП бардык демокр. күчтөрдү бириктирүү күрөшүн күчөтүп, башка коомдук уюмдар м-н байланышта иштейт.

РКПнин делегаттары Коммунистик ж-а жумушчу партияларынын эл аралык кецешмелерине (1960, 1969, Москва) катышып, документтерин жактырган. Партия демокр. централизм принцибинде курулат. Жетекчи органдары — БК, Саясий Бюро, Секретариат. Борб. органы—«Темуаньяж» газетасы.

РИАЛ — Иран м-н Йемен Араб Республикасынын акча бирдиги. СССРдин мамл. банкынын 1978-ж. 1-январдагы курсу б-ча риалдык 100 Р. = 1 сом, йемендик 100 Р. = 16 сом 06 тыйын.

РИБОЗА — пентозадор тобундагы *моносахарид*. Ал D ж-а L формада кездешет. Р. — сууда жакшы эриген кристалл. D Р. бардык организмдерде кездешет ж-а клеткадагы негизги бирикмелердин *(рибонуклеин кислоталары, аденозинфосфор кислоталары*, о. эле айрым *коферменттер* ж. б.) составына кирет.

РИБОНУКЛЕИН КИСЛОТАЛАРЫ (РНК) — нуклеин к-таларынын бири. Табиятта кецири таралган. Составына рибоза, аденин, гуанин (пурин негиздери) ж-а урацил, цитозин (пиримидин негиздери) кирет. Р. к.—түз тизмектүү полинуклеотиддер, мол. массасы $10—20 \cdot 10^3$тон $5—6 \cdot 10^6$го жетет. Организмде РНК белок м-н бирге рибонуклеопротеиддер болот. РНК бардык тирүү организмде маанилүү биол. функцияны аткарат. Аткарган функциясына карата 3 типке бөлүнөт. Рибосомалуу Р. к. ($_р$РНК) рибосомалардын составына кирип, клетканын Р. к-нын негизги массасын түзөт. Ташыгыч Р. к. ($_т$РНК) көбүнчө аз полимердүү. Активдештирилген аминокислоталардын калдыгын өзүнө алып, аларды рибосомаларга ташыйт. Информациялык Р. к. ($_и$РНК) белоктордун биосинтезиндеги трансляция (белоктун полипептид тизмегиндеги нуклеотид кодун аминокислоталардын претине киргизүү) процессинде матрицанын ролун аткарат, к. *Белоктор, Рибосомалар*.

Ад.: Органическая химия нуклеиновых кислот, М., 1970.

РИБОСОМАЛАР — белокту биосинтездөөчү клетка органоиддери. Р. бардык тирүү клеткаларда болуп, саны бир нече миңге жетет. Алар *эндоплазма торчосунун* мембранасына жабышып же цитоплазмада калкып жүрөт. Ал — хим. жактан рибонуклеин к-талары (РНК) м-н белоктон турган *нуклеопротеиддер*. Белок синтездөөдө Р. бир канча функцияны (белок синтезделүүчү компоненттерди чогултуу, бириктирүү ж. б.) аткарат.

Ад.: Спирин А. С., Гаврилова Л. П., Рибосома, 2 изд., М., 1971.

РИВЕРА Диего (8. 12. 1886, Гуанахуато — 25. 11. 1957, Мехико) — мексика живописчиси. 1922-жылдан Мексика компартиясынын мүчөсү. 1896—1902-ж. Мехико сүрөт академиясында окуган. 1907—21-ж. Европада жашаган. 1927—28 ж-а 1955—56-ж. СССРде болгон. 1930—34 ж-а 1940-ж. АКШда иштеген. 1922-жылдан агитация, пропаганда ж-а агартуунун, рев-ялык күрөштүн күчтүү куралы деп эсептелген мексика монумент живопись мектебинин негиздөөчү лөрүнүн бири. Р-ныи негизги чыг-лары:




Д. Ривера. Автопортрет. 1949.

Мехикодогу Улуттук даярдоо мектеби (1922—23), Агартуу мин-восу (1923—29), Саламаттык сактоо мин-восу (1929—30), Улуттук сарай (1929—50), Детройттогу иск-во ин-ту (1932—33) ж. б-дагы сүрөттөр.

Ад.: Каретникова И. А., Диего Ривера, М., 1966.

РИГА — Латыш ССРинин борбору. Ири индустр., ил. ж-а маданий шаар. Жолдор тоому, порт. Даугава д. (Батыш Двина) Балтика деңизиндеги Рига булуңуна куяр жерде. Аянты 302,8 $км^2$. Калкы 835 миң (1979). Январдын орт. темп-расы —4,5°С, июлдуку 18°С. Жылдык жаан-чачыны 649 *мм*. Р-да реси-кадагы калктын 31% жашайт. Шаар 6 районго бөлүнөт.

Рига ш. Даугава д. жактан көрүнүш.





Ж. Рид.



Д. Рикардо.

Р.— Балтика боюндагы өлдөрдин байыркы турак жайынын ордунда Рига д. (азыр жок) Даугава д-на куйган жерде пайда болгон. Жазма даректерде биринчи жолу 1198-ж., ал эми шаар катары 1201-ж. эскерилет. 13-к-дын башында Р-ны немец крест-түүлөрү чепке айландырган. 13—16-к-да Р-ны байлоо үчүн Рига архиепископу м-н *Ливон орденинин* ортосунда күрөш жүргөн. *Ливон согушунун (1558—83)* мезгилинде — эркин шаар (1561-жылдан). 1581-жылдан Речь Посполитага коз карандысы болуп, 1621-ж. шведдер басып алган. 1710-ж. орус аскерлери өзөлөп, *Ништадт тынчтык келишими* (1721) б-ча Россия империясынын карамагына өткөн. 1796-жылдан Лифляндия губ-нын борбору. 1899-ж. с.-д. уюм уюшулган. В. И. Ленин жерг. марксчылар м-н байланышуу үчүн 1900-ж. Р-га келген. 1917-ж. Февр. рев-ясынын жеңишинен кийин Р-да Латвиянын Аткаруу комитети түзүлгөн. 1917-ж. сентябрда немец аскерлери басып алган. 1919-ж. январда Совет бийлиги орногон. 1919-ж. 22-майда кайрадан интервентер м-н улутчул буржуазия басып алып, 1940-жылга чейин бурж. Латвиянын борбору болгон. 1940-ж. июнда латыш эмгекчилери бурж. тартипти кулатып, 21-июнда Совет бийлигин калыбына келтиргенде Латыш ССРинин борбору болуп калган. 1941-ж. 1-июлда фашист немец баскынчыларынын колунда калган. 1944-ж. 13-октябрда Сов. Армия бошоткон. Согушта талкаланган о. ж. ишканалары калыбына келтирилип, көбү реконструкцияланган. Турак жай курулушу кулач жайып, жаңы райондор пайда болду. Р. Ленин ордени м-н сыйланган (1970).

Экономикасынын башкы тармагы — машина куруу, металл иштетүү, жеңил ж-а тамак-аш о. ж-лары. Р-га союзда чыгарылган пассажир вагондордун 30%, телефон аппаратынын 53%, мүздаткычтын 23%, мопед м-н велосипеддин 49%, радио кабылдагычтын 28%, кир жуугуч машинанын 18% туура келет. Машина куруу о. ж. ишканаларынын электр тех., радио электроника ж-а транспорттук машина куруу («ВЭФ», «РЭЗ», вагон куруу, кеме ремонттоо ж. б.) тармактары өнүккөн. Даугава д-нын оң тарабында Р-нын байыркы ядросу — тар көчөлүү эски шаар орношкон, сол тарабы 18-к-дан тез курула баштаган. Шаардын чыгышында Юглас көлүнүн кылаасында Юглас (1962—70, арх. П. Фогелс, О. Краукліс ж. б.), түштүгүндө Пурвциемс (1965—74, арх. Э. Драндс, Г. Мелберг, Э. Фогелис ж. б.), түндүгүндө Кенгарагс (1961—71, арх. И. Страутманис, М. Л. Бродский, Г. Мелберг ж. б.) турак жай райондору курулган. Даугава д-нын сол жээги жашылдандырылган бак-даракту, опор жайлуу ж-а турак жай массивдүү районго айланган. Эски шаарда роман-готика (Екаба чиркөөсү, 13—14-к.), готика (Петер чиркөөсү, 13—14-к.), ренессанс (хор— 1587—89) стилиндеги эстеликтер бар. Шаардын жаңы генплана 1969-ж. (арх. В. Анситис, Э. Пучин, Г. Мелберг ж. б.) бекитилген.

Шаарда Латыш ССР ИА, 7 жог. окуу жайы (ун-т, политех., мед., гражд. авиация, физ-ра ин-ттары, консерватория), 19 музей, 7 театр ж. б. бар.

Ад.: Латвия, М., 1968 (серия «Советский Союз»); Дербер М., Красильников М., Путеводитель по Риге, Рига, 1971.

РИГА БУЛУҢУ Балтика деңизинде, Эстон ССРи м-н Латыш ССРинин жээктеринде. Кургактыкка 174 *км* кирип турат. Балтика деңизинен Моонзунд а-дары аркылуу болүнөт. Эң терең жери 62 *м*. Ири аралдары: Рухну, Кихну. Булуңга Батыш Двина (Даугава), Лиелупе ж-а Гауя дарыялары куят. Суусунун темп-расы жайында 18°С, кышында 0—1°С. Тузд. 3,5—6‰. Дек.— апр. айларында тоңот. Ири порт шаары — Рига. Түш. жээгинде Юрмала, түндүгүндө Пярну курорт шаарлары, Сааремаа а-нда Кингисепп ш. жайгашкан.

РИГА ТЫНЧТЫК КЕЛИШИМИ (1921) РСФСР ж-а УССР м-н Польшанын ортосунда орус-поляк согушун (1920) аяктоо ж-а дипл. мамилелерди жөнгө салуу ж-до 1921-ж. 18-мартта Ригада түзүлгөн. Ал б-ча эки тарап бири биринин мамл. суверенитетин урматтоого, ички иштерине кийлигишпөөгө милдеттенишкен. Келишим б-ча РСФСР м-н Польшанын чек арасы аныкталып, Батыш Украина, Батыш Белоруссия Польшага өткөн. Р. т. к-нде Польшадагы орус, украин, белорустарга, РСФСР м-н УССРдеги поляктарга өз мад-тын, тилин эркин өнүктүрүү, диний тутуу укуктарын камсыз кылуу белгиленген. Бирок бурж. Польша өкмөтү келишимдин үшул ж. б. шарттарын сактаган эмес. Бурж. Польша мамлекети жоюлганына байланыштуу 1939-ж. 17-сентябрда Совет өкмөтү Р. т. к-н жараксыз деп жарыялаган.

РИД Жон (22. 10. 1887, Портленд — 17. 10. 1920, Москва) — амер. жумушчу кыймылынын ишмери, жазуучу ж-а публицист. Соттун үй-бүлөсүнөн. Гарвард ун-тин бүткөн (1910). Журналисттик кылган. 1914-ж. «Которулушчул Мексика» деген китебин (орусчасы — 1959) жарыялап, анда Мексика элинин рев-ячыл күрөшүн колдоп, АКШнын ага кийлигишүүсүн айыптаган. Биринчи дүйн. согушта (1914—18) фронт кабарчысы болгон. 1916-ж. «Чыгыш Европадагы согуш» деген китебин (орусчасы — «Фронт бойлоп», 1928) жазып, согуштун империр. мүнөзүн ашкерелеген. 1917-ж. августта Россияга келген. Окт. рев-ясын куттуктаган. 1918-ж. АКШга кайтып, Соц. партиядагы оңчул оппортунисттерге каршы күрөшкөн. Р. Соц. партиянын сол секциясын (1919), Америка коммунисттик жумушчу партиясын (1921-ж. Америка компартиясына кошулган) уюштурушкан, улуттар советинин сол тарабына шайланган. Р-дин Россиядагы Окт. рев-ясы ж-до жазылган «Дүйнөнү дүркүрөткөн 10 күн» деген китеби (1919; орусчасы — 1923) бар. Ани В. И. Ленин жогору баалап, орусча басылышына баш сөз жазган. Р. 1919-ж. октябрда Москвада Ленинго бир нече ирет жолукkан. Коминтердини Аткомуна мүчө болуп, 2-конгрессине катышкан (1920, июль). Р-дин соогу Москвада Кремль дубалына коюлган.

Чыг.: в рус. пер. — Восставшая Мексика. 10 дней, которые потрясли мир. Америка 1918, М., 1968; Дүйнөнү дүркүрөткөн он күн, Фр., 1966.

Ад.: Гиленсон В., Он видел рождение нового мира, М., 1962; Гладков Т., Джон Рид, М., 1962.

РИЕКА—Югосл-ядагы шаар. Хорват Соц. Реси-касынын борбору. Адрия деңизинин жээгиндеги ири порт (Венгрия, Австрия ж-а Чехосл-я мамлекеттери да пайдаланышат). Калкы 135 миң (1972). Р.— өлкөдөгү негизги о. ж. борборлордун бири. Кеме куруучу эки ири завод кеме дизелин, мотор чыгарат. Нефть ажыратуучу ири завод, химия, тактай тилүү, кагаз, булгаары бут кийим, тамеки ж-а тамак-аш о. ж. ишканалары иштейт. Шаарда жог. деңиз ж-а пед. мектептери, Загреб ун-тинин мед. ф-тети, музейлер бар. Арх-ра эстеликтери сакталган.

РИЗОИДДЕР (гр. rhiza — тамыр ж-а eidos — түр) — мамык чөптөр, эңилчек, айрым балыр ж-а козу карындын субстратка бекүү ж-а андан суу м-н азык заттарын соруп алуучу бир же бир нече клеткадан турган жип сымал өсүндүлөрү. Р-дин сыртқы корүнүшү тамыр түктөрүнө окшош.


РИЗОКТОНИОЗ — топурак мите козу карыны өсүмдүктүн тамырында ж-а сабактын түбүндө пайда кылуучу илдет. Илдеттүү тамырга жылтырак боз так түшүп, тамыр солуп, чирий баштайт. Мите козу карын топуракта көпкө сакталып, көбөйө берет. Картошка Р-у же кара чирик, сабиз, кызылча, гозо, ашкабак ж-а кайчылап гүлдүү өсүмдүк Р-у ото сыяпдуу. Күрөш чарасы: которуштурун эгүү, кычкыл топуракты аки таштоо, орг. жер семирткич чачуу, урон себүү алдында топуракты жакшы иштөө, саптуу урон себүү, парник топурагын *фунвициддер* м-н дезинфекциялоо.

РИКАРДО Давид (19. 4. 1772, Лондон — 11. 9. 1823, Глостершир графтыгы) — англ. экономист, о. ж. буржуазиянын идеологу. Р-нун ил. эмгектери — англ. классикалык бурж. саясий экономиянын жог. сереси, чоң кусу. Негизги чыгармасы — «Саясий экономиянын негиздери жана салык салуу» (1817). К. Маркс Р-нун экон. көз карашын ар тараптан сынга алып, капитализмдин экон. мамилесин нарктын эмгек теориясы аркылуу талдоого жасаган аракетин ж-а экон. илимди онүктүрүүго тийгизген тарыхый маанисин белгилеген. Р. пролетариат м-н буржуазиянын экон. кызыкчылыгынын карама-каршылыгын баса көрсөткөн, бирок ал капитализм — бирден бир туруктуу түзүлүш, капитализмдин экон. закондору — баарына бирдей ж-а түбөлүк деп эсептеген.

РИККАТИ ТЕҢДЕМЕСИ — 1-тартиптеги кадимки дифференциал теңдеме. Ал төмөнкүдөй жазылат: $\frac{dy}{dx}+ay^2=bx^\alpha$, мында a, b, d — туруктуулар. Бул теңдемени биринчи жолу италия математиги Я. Риккати изилдеген (1724). $\frac{dy}{dx}=P(x)y^2+Q(x)y+R(x)$ дифференциал теңдемеси — Р. т-нин жалпы түрү. Мында $P(x)$, $Q(x)$, $R(x)$ — үзгүлтүксүз функциялар. $P(x)=0$ болгондо жалпы Р. т. сызыктуу дифференциал теңдеме, $R(x)=0$ болгондо *Бернулли теңдемеси* деп аталат.

РИККЕТСИОЗДОР—адамдын ж-а жаныбарлардын жугуштуу оорулары. Аларды риккетсиялар козгойт. Риккетсиялар адамга, айбанатка бит, кене, бүргө ж. б. аркылуу жугат. Адамдын Р-уна ку-лихорадка, баш келте, келемиш келтеси, цуцугамушки ж. б. кирет. Жаратылышта риккетсияларды айбанаттар, айрыкча кемирүүчүлөр (чычкан, келемиш, жапайы коён, ач күзөн ж. б.), кенелер таратат. Адамда Р. калтыратма түрүндө өтүп, айрым Р-до денеге кызамык чыгат. Бул оорулардын бардык түрүндө өпкө сезгенет. Р-го лабор-ялык диагноз коюу үчүн серологиялык метод колдонулат. Айрым учурда бактериол. изилдөөлөр жүргүзүлөт. Р-ду дарылоодо негизинен антибиотиктер колдонулат. Алдын алуу: оору тараткычтарды жок кылуу, дезинфекциялоо, репелленттерди колдонуу, оорган малдын этин, сүтүн тамак-ашка пайдаланууга тыюу салуу. Айрым Р-го активдүү иммундештирүү жүргүзүлөт.

Малдын Р-у. Вет. практикада жугуштуу гидроперикардит (коудриоз), ку-лихорадка, риккетсиоздук кератоконъюнктивит ж-а риккетсиоздук мопоцитоз (эрлихиоз) кеп кездешет. Жугуштуу гидроперикардит м-н үй, чочко ыландайт. Ылаңдаткычты оорулуу же айыккан малдан кене тарайт. Дартка чалдыккан малдын денеси ысып, калтырайт, жүрөктүн, өпкөнүн иштеши бузулат, чычкактайт, оорунун курч формасында олүмгө учурайт. Өлгөн малдын жүрөгү (перикард), көндөй органдары сары суюк толот. Атайын дарылоо иштелбеген. Риккетсиоздук кератоконъюнктивит үй, төө, чочко, куштарда жолугат. Дарттуу малдын көзү шишийт, көз чели сезгенет. Дарылоо үчүн колларгол эритмеси, цинк сульфаты, антибиотиктүү майлар колдонулат. Риккетсиоздук моноцитозго үй, ит чалдыгат. Ооруну жайбыт кенелери таратат





1. Марцелл театры. Б. з. ч. 1-к-дын 2-жарымы. 2. Рим форумундагы Веста (ондо; 1-к.) ж-а Антонин м-н Фаустина (солдо; 141) храмдары.

кан ж. а-нда орноткон. Тынымсыз согуштардын натыйжасында Жер Ортолук деңиздеги эң ири державага айланган. Мына ушул каратуулар Рим коомчулугунда кулчулдук өндүрүштүн эң жог. формага өнүгүшүнө шарт түзгөн. Баскынчыл согуштардын натыйжасында Р-де кул сатуу күчөгөн. Кул эмгеги өндүрүштө негизги роль ойногон. Кулчулуктун өнүгүшү ири жер ээлеринин ж-а сүткордукакча капиталынын өсүшү, дыйкандардын жакырданышы ири кул ээси м-н аталандашууга мүмкүндүк бербей, мүлктүк теңсиздикти күчөткөн. Дыйкандардын жакырданышы (армия негизинен дыйкандардан куралган) Рим армиясынын начарлашына алып келген. Ири кул ээлик мамлекет түзүлө баштап, Р. эли антагонисттик эки тапка — кулдар ж-а кул ээлерине биротоло бөлүнүп, алардын ортосунда айыгышкан күрөш күч алган.

Рим респ-касы мезгилинин акыркы 100 жылында Сицилиядагы кулдардын эки көтөрүлүшү (138, 104—99), 2-к-дын 30—20-жылдарындагы бир тууган Гракхтар башкарган гражд. согуш ж-а кул ээлик коомдогу эң ири Спартак көтөрүлүшү (б. з. ч. 74—71) Р. коомундагы антагонизмдин өтө курчугандыгын, Рим респ-касындагы кризистин терендешин көрсөткөн. Б. з. ч. 1-к-да Р-дин социалдык-саясий турмушунда армия ж-а анын жетекчиси чечүүчү роль ойногон. 70—60-жылдарда Г. Помпей көрүнүктүү болуп, Спартак көтөрүлүшүн басууга катышып, өзгөчө Жер Ортолук деңиздеги каракчыларга каршы күрөштө таанылган; Митридат VIны талкалап, Закавказье м-н Сирияга жасаган жортуулунда зор ийгиликтерге жетишкен. Б. з. ч. 60-ж. үч ири согуштук-саясий ишмер: Красс, Помпей ж-а Цезардын ортосунда бийлик үчүн антисенаттык 1-триумвират союзу түзүлүп, кийинчерээк үчөөнүн ич ара согуштарынын натыйжасында Цезардын диктатурасы орнош, иш жүзүндө Рим респ-касы кулаган. Б. з. ч. 43-ж. 2-триумвират (Антоний, Октавиан, Лепид) түзүлүп, үчөөнүн ортосундагы согушта Октавиан жеңип, ал өзүн жеке башкаруучу деп жарыялаган. Ошондуктан б. з. ч. 30-ж., (кээде 27-ж. Октавианга «Август» деген жог. титул берилген) империянын түзүлгөн мезгили катары эсептелет.

Августтун мезгилинде орногон мамл. түзүлүш принципат деп аталган. Б. з. ч. 27-ж. Август респ-канын калыбына келтирилгендигин жарыялаганы м-н Р-де монархия орнош, империялык мезгил (б. з. ч. 30 же 27 — б. з. 193) башталган. Принципат мезгилинде мамлекет рим ак сөөктөрүнүн органынан кул ээлеринин өзүчүл куралына айланган. Империянын эң негизги таянычы армия болуп, 2-к-да Р-дин аймагы өтө кеңейген. Ага Каппадокия, Мавритания, Фракия, Иакия, Аравия, Армения, Месопотамия, Ассирия баш ийген. Бул мезгилде Р-дин социалдык структурасы татаалдан, сенаторлор м-н чабандестер эң жог. катмарга, майда жер ээлери м-н мамлекеттен же жеке арендалык жер-колондорду (колонат) алган айылдык плебейлер төмөнкү катмарга кирген. Өндүрүш каражатынан ажыраган кулдар негизги эзилүүчү тап болуп кала берген. Империялык мезгилде кулдардын каршылыгы пассивдүү мүнөздө болуп, алар качуу, кожоюнду өлтүрүү ж. б. м-н чектелген. Бул мезгилде Р-де христиан дини кеңири тарала баштаган. Рим империясын Антониндердин мезгилинде (96—192) өнүгүшүнүн гүлдөгөн деңгээлине жеткен. Бирок көп узабай «3-кылымдын кризиси» деп аталган перседен төмөндөөгө дуушар болгон. Дыйкан толкундоолорунан, солдат козголоңдорунан, акимдердин провинцияларды басып алууларынан ж-а коңшу уруулардын кол салууларынан Р-де а. ч., кол өнөрчүлүк, соода начарлай баштаган. 3-к-дын ортосунда Р. Галлия м-н Испаниядан ажыраган. Персия м-н согушта жеңилген. «3-кылымдагы кризис» кул ээлик түзүлүштүн эскигендигин, коом талап кылган эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулата албай тургандыгын далилдеген. 3-к-дын 2-жарымында жүргүзүлгөн реформаларды натыйжасында коңшу элдердин кол салуулары токтотулуп, бөлүнүп кеткен провинциялардын айрымдары кайрадан башийдирилген. 284-ж. бийликке келген Диоклетиан монархиянын жаңы системасы — доминанттык орнотуп, ал б-ча императордун бийлиги биротоло чексиз ж-а мыйык деп жарыяланган. Христиан дини мамл. дин болуп жарыяланган соң императордук бийликти чиркөө колдоого алган. Бирок кул ээлик коомдун кризиси, түш тараптан варвар урууларынын чабуулдары, кулдардын ж-а колондордун чыгуулары Р. империясын алсыраткан. Бирок кулчулук империянын чыгышында батышына караганда начар өнүккөндүктөн анда кризис да анча курч болгон эмес. Ошого байланыштуу Константин 330-ж. борборду чыгыштагы стратегиялык маанисн чоң Византия ш-на (Константинополго) көчүргөн. 395-ж. империя Чыгыш (Византия) ж-а Батыш империя болуп экиге бөлүнгөн. 378-ж. Р. императору Валентиндин армиясын вестготтор талкалаган. 410-ж. вестгот королу Аларих I Р-ди эөлеп, бүлүндүргөн. 476-ж. скиф уруусунун жол башчысы Одоакр Батыш Р-дин акыркы императору Ромул Августулду кулаткан соң Батыш Р. жоюлган. Бул убак тарыхта кул ээлик коом кулаган жыл катары эсептелет. Чыгыш Р. Византия деген ат м-н дагы 1000 жылдай жашаган.

Маданияты. Р. тарых салтына *анналдар* негиз болгон. Р. уламыштарына ылайык б. з. ч. 5-к-дын ортосунда понтификтер (жрецтер) таблица түзгөн. Башкы жрец маанилүү окуяларды «ак тактага» жазып, понтификтердин үйүнө койдурган. Адегенде бул жрецтердин календарды жонго салуу милдети катары жүргүзүлгөн, кийинчерээк анда согуш, табигый кырсыктар ж-а сенаттын иштери, шайлоолордун жыйынтыгы ж-дөгү саясий окуялар да баяндала баштаган. Бул таблицалар байыркы Р. жыл баяндарынын хронологиялык негизин түзгөн. Б. з. ч. 130-ж. башкы жрец П. Муций Сцеволдун буйругу б-ча ошол таблицалардын жардамы м-н Рим түзүлгөндөн бери баяндаган «Чоң анналдар» (80 китеп) жазылган. Б. з. ч. 3-к-да эллин мад-тынын тарашы м-н таблицалар адабий көркөмдөштүрүлө баштаган. Р-де алгачкы тарыхчылар *анналчылар* деп аталып, Квинт Фабий Пиктор (б. з. ч. 3-к.) анналчылардын баштоочусу деп эсептелген.

Анналчылар улуу (Улуу Катон), ортоңку (Л. Кассий Гемина, Л. Кальпурний Пизон ж. б.), кенже (Клавдий Квадригарий, Валерий Анциат, Лициний Макр ж. б.) болуп үчкө бөлүнгөн. Улуу ж-а ортоңку анналчылар жөнөкөй, аз болсо да чындыкты жазышкан, кенже анналчылардын эмгектери саясий күрөш куралына айланган. Р. историографиясынын алгачкы, көрүнүктүү өкүлү — Полибий (б. з. ч. 2-к.). Ал грек тилинде жазылган «Тарых» (40 том) китебинде б. з. ч. 220—146-жылдардын аралыгындагы Греция, Македония, К. Азия, Сирия, Египет, Карфаген ж-а Рим мамлекеттеринин «жалпы» тарыхын жазган. Полибий античный историографияда окуяларды жазуу м-н бирге алардын чыгуу себептерин изилдеген. Экинчи ири тарыхчы Тит Ливий (б. з. ч. 1-к.—б. з. 1-к-нын башы) адабий-дидактикалык багыттын өкүлү

катары маанилүү окуяларды жө белгилүү адамдарды мисалга алып, аны көркөмдөп жазган. Тит Ливийдин «Римдин тарыхы» (142 китеп, 35 китеби бизге жеткен) аныи даңкын чыгарып, Рим ш-ныи тарыхы ж-дө кеңири түшүнүк берет. Ю. Цезардын «Граждандык согуш жөнүндөгү кол жазмалары» ошол согуштун жүрүшү ж-дө баяндаган. Саллюстий «Катиликанын заговору жөнүндө» ж-а «Югурта согушу жөнүндөгү» тарыхый монографияларында тарыхтагы жеке адамдын ролун жогору баалаган. Корнилий Непот түзгөн көп сандаган өмүр баяндардан рим ишмерлери — Атин м-н Катондун, о. эле «чет элдиктердин» 23 аскер башчысынын өмүр баяны гана сакталган.

Империя доорунда тирандыкка, залимдикке каршы Корнелий *Тацитин* «Анналдар», «Тарых», Плутархтын, анын замандашы Светонийдин грек ж-а рим мамл. ишмерлери ж-дөгү өмүр баян чыг-лары жазылган. Античный коомдун акыркы ири тарыхчысы катары Аммиан Марцелин (б. з. 4-к.) эсептелет. Ал өз эмгектерин «Анналдар» ж-а «Тарых» деп атап, Тациттин жолун жолдогон.

Соңку империя доорунда христиандык историографияны Евсевий Кесарийский, Августин Орозий ж. б. көрүнүктүү өкүлдөрү өнүктүргөн.

Философиясы эллинизм доорундагы грек философиясынын таасиринде өнүгүп, анын маанилүү багыттарын ж-а түшүнүктөрүн кабыл алган. Р. философиясынын алгачкы этабы (б. з. ч. 3—1-к.) полис идеологиясынын начарлашы, диндеи ж-а мифологиядан ойлоонун бошонушу м-н байланышкан. Матер., фаталисттик мүнөздөгү стоицизм Р. мамлекетинин доктринасына айланган. Лукреций «Нерселердин табияты жөнүндө» поэмасында эпикуреизмдин матер. окуусун баяндаган. Р. философиясында скептицизмди (Варрок ж. б.), эклектизмди (Цицерон ж. б.) жактоочулар пайда болгон.

Реси-ка кулап, империя орногон соң (б. з. ч. 1 — б. з. 1-к.) мамл. бийликти ыйык көрүү ж-а императорго сыйынуу, философиянын динге баш ийип, ыйыктануусунун (сакрализация) башталышы болгон. Платондун багытында стоицизм Р-де кеңири тараган (өкүлдөрү: Сенека, Эпиктет, Марк Аврелий ж. б.). Бул мезгилдеги стоицизм астр-ялык ил. из., поэтикалык чыг-лык, тарых, этика м-н бирдикте өнүккөн.

2—3-к.— философиянын ыйыктануусунун өнүккөн мезгили. Платонизм м-н пифагоризм стоиктердин материализмине каршы күрөшүп, философияда диний элементтерди кобойткон (өкүлдөрү: Плутарх, Апулей ж. б.). 3—4-к-да философия ыйыктануунун эң жог. чегине жеткен. Универсализм м-н субъективизмди бириктирген неоплатонизм үстөмдүк кылган. Аны грек философу Плотин негиздеп, христиан философу Августин өнүктүргөн. 4—5-к-дагы философтор (Халкидий, Макробий ж. б.) өз ойлорун өнүктүрүүгө караганда Платон м-н Аристотелдин эмгектерин латынчалатууга, тарыхый-филос. ж-а диний материалдарды топтоого көп күч жумшашкан.

Ыйыктанган филос. Р. империясы ж-а грек-рим бутпарас дини м-н кошо жоголгон эмес. Анын идеялары о. кылымда ж-а Кайра жаралуу доорунда сакталып калган. Лукрецийдин, Сенеканын, Апулейдин таасирлери Платондуку м-н Аристотелдикинен кем болгон эмес.

Р. ад-тынын байыркы үлгүлөрү латын авторлорунун чыг-лары аркылуу белгилүү. Жазма ад-тынын башталышы «Одиссеяны» латынчага которгон ж-а грек драмаларын иштеп чыккан Ливий Андроникти (б. з. ч. 3-к.) ысмы м-н байланыштуу. Эртеги Р. ад-тынын өкүлдөрү — комедиограф Плаут (б. з. ч. 3—2-к.), Гней Невий (б. з. ч. 3-к.), Квинт Энний (б. з. ч. 3—2-к.). Р. ад-тында б. з. ч. 1-к-дан тарта чечендик өнөр (Цицерон) ж-а тарыхый проза (Цезарь, Саллюстий) негизги жанр болуп турган. Лукреций Кардын «Буюмдардын табияты жөнүндө» деген поэмасы ж-а Катулддун мыкты лирикалык чыг-лары ушул мезгилде жаралган. Реси-ка кулап, принципат орногондон кийин чечендик проза м-н драматургия өз маанисин жоготкон. Поэзияда Вергилийдин «Энеида» поэмасы, Горацийдин насаатчыл лирикасы пайда болгон. Тибулл, Проперций, Овидий өздүү акындар сүйүү темасындагы ырлар жазышкан. Р. империя мезгилинде сатиралык пландагы чыг-лар арбын чыгарылган. Бул доордун мыкты чыг-лары катары Лукандын «Фарсалия же Граждандык согуш жөнүндө» деген поэмасы ж-а Тацоттин тарыхый прозасы эсептелет. 2-к-дан тартып ад-т майданына Р. провинцияларды да араалаша баштаган. Аныи көрүнүктүү өкүлдөрү: Апулей (2-к.), Авсоний (4-к.), Рутилий Намацнан (4—5-к.), Клавдий Клавдиан (4-к.).

Чакан жамааттан кубаттуу кул ээлик империяга чейин жеткен Р-дин тарыхый өнүгүшүн чагылдырган Р. водчийлери мурда болуп көрбөгөн курулуштарды, турак жайларды, коомдук монумент имараттарды тургузуп, конструкциянын жаңы системасын, имаратты жасалгалоонун жаңы ыкмаларын иштеп чыккан. Алгачкы Р. арх-расы (б. з. ч. 10—9-к.) жөнөкөй-арх-расы (б. з. ч. 10—9-к.) жөнөкөй-ланган. Реси-ка мезгилинде (б. з. ч. 6—3-к-да) Р-дин согуш-инженердик курулуш арх-расы өскөн. Б. з. ч. 3—2-к-да Р. арх-расы Байыркы Грециянын таасиринде өнүгүп, кийин империянын кубаттуу мезгилинде жасалгалуулук басымдуулук кылган. Р-де ж. б. шаарларда (Помпей) социалдык мүнөз көпө чагылдырылып, көөз сарай, таш үйлүү райондор курула баштаган. Шаардын борборлору — форумдар (Август, Траян форумдары), сарайлар колоннадалар м-н көөздолгон. Зацгыраган коомдук имараттар: Марцелл театры (б. з. ч. 1-к.), Колизей амфитеатры (б. з. ч. 1-к.), Пантеон храмы (2-к.), монумент күмбөздөр (Еврисак, б. з. ч. 1-к., Адриан б. з. ч. 2-к.) ж. б. тургузулган. Р. провинцияларындагы көрүнүктүү курулуштары: 1—2-к-да Галлияда (Оранже театры, Нимдеги сарай ж-а көпүрө), Испанияда (Алькантара көпүрөсү, 2-к.), Грецияда (Адриан аркасы, Афинырагы Ирод Аттико одеону), 1—3-к-да Ливандагы Баалбек храмы ж. б.

Сүрөт өнөрүнүн өнүгүшүнө этруск мад-ты ар тарапган таасир тийгизип, коло ж-а чопо скульптураның пайда болушуна көмөкчү болгон. Арх-раның өсүшү м-н катар мозаика, декорациялык живопись, зергерчилик өнүккөн. Провинцияларында (Пальмирада, Египетте) мыкты живопись ж-а скульптура эстеликтери жаралган.

Лд.: Маркс К., Энгельс Ф., Об античности, Сб. ст., под ред. и с предисл. С. И. Ковалева, Л., 1932; Машкин Н. А., История Древнего Рима, 3 изд., М., 1956; Сергеенко М. Е., Жизнь Древнего Рима, М.—Л., 1964; Немировский А. И., История раннего Рима и Италии, Воронеж, 1962; Утченко С. Л., Кризис и падение Римской республики, М., 1965; Мокульский С., История западноевропейского театра, т. 1, М., 1956; Грубер Р., Всеобщая история музыки, 3 изд., М., 1965; Соколов Г., Искусство Древнего Рима, М., 1971; Всеобщая история архитектуры, 2 изд., т. 2, М., 1973.

РИМ — Италиянын саясий, маданий ж-а экон. борбору. Дүйнөдөгү байыркы шаарлардын бири. Рим провинциясы м-н Лацио обл-ныи адмии. борбору. Шаардын аймагында Ватикан мамлекет-шаары жайгашкан. Тибр д-ныи Тиррен деңизине куйган жеринен 27 км аралыкта жайгашкан. Калкы 2,8 млн (шаар айланасы м-н 3,7 млн, 1977).

Р. уламыштарга караганда б. з. ч. 754—753-ж. негизделген. Арх-ялык маалыматтар б-ча бир нече чыңдалган тургун жайдын бириғишинен пайда болгон (б. з. ч. 6-к-да). Б. з. ч. 6-к-дын аягынан кул ээлик Рим респ-касынын, б. з. ч. 1-к-дан Рим империясынын (к. *Рим* Байыркы) борбору. 1—3-к-да Р-де ар кыл этнос составындагы көптөгөн эл жашаган. Ан-

Рим ш-ныи бир бөлүгү.



тичный Р. байыркы дүйнөдөгү эң ири шаардан (азыркы эсеп б-ча империя мезгилинде калкы 600 миңден 2 млнго чейин болгон). Нероңдогу орттон (64-ж.) шаардын орчундуу болугу бүлүнүп, Флавий ж-а андан кийинки императорлор Траян, Адриан, Каракалла тушунда калыбына келтирилген. Р. борбордун Константинополго көчүрүлүшү (330-ж.), империянын бөлүнүшү (395), Батыш Рим империясынын кулашы (476) ж-а вестгот, остготтордун жапырыктары натыйжасында начарлаган. О. кылымда рим папаларынын резиденциясы катары кайрадан гүлдөп, Папа обл-ның борборуна айланган (8-к-дан). 1084-ж. норманндардан талкаланып, 1143-жылдагы рев-ядан кийин респ-ка ороногон. Бирок папа Иннокентий III (1198—1216) тарабынан жоюлган. 1347 ж-а 1354-ж. Р-дө кайрадан респ-ка жарыяланган. 15-к-дын аягы — 16-к-дын башында ал Кайра жаралуу доорунун ири борборуна айланган. Р. биринчи Рим респ-касынын (1798—99), 1848—49-жылдагы рев-я мезгилинде ороногон Рим респ-касынын (1849), 1871-жылдан Италия королдугунун борбору. 1943—44-ж. аны гитлерчил Германия оккупациялап, 1944-ж. 4-июнда бошотулган. Монархия жоюлган соң (1946) Италия респ-касынын борбору. Р.— азыркы Италиядагы жумушчу ж-а демокр. кыймылдын ири чордону.

Р.— о. ж. продукциясынын олчому б-ча өлкөдө 4-орунда (Милан, Турин, Генуядан кийин). Тамак-аш, полиграфия, тигүү, мебель, кагаз, текстиль, бут кийим ж-а парфюмерия тармактарында шаардагы о. ж. жумушчуларынын $^1/_2$ иштейт. Электр тех. (телефон ж-а телеграф жабдуулары, электр приборлору, электроника буюмдары, үй тиричилигинде колдонулуучу электр приборлору ж. б.), так прибор, машина куруу (локомотив, вагон, а. ч. машинасы, мотоцикл, велосипед), хим. (фармацевтика буюмдары, жасалма жибек, кислота, сода ж. б.), типография жабдууларын өндүрүү о. ж. ишканалары иштейт. Курулуш материалдарын (цемент, айнек ж. б.) чыгарат. Көркөм өнөрчүлүк бар. Р.— дүйнөдөгү ири туристтик борборлордун бири. Ички катнаш ж-а эл аралык жолдор тоому.

Р-дин калыптанышынын үч миң жылга жакын тарыхы бар. Шаардын мүнөздүү бөтөнчөлүгүн дөбөлөрдөн орун алган ар кандай доорлорго тиешелүү кооз сарайлар, чиркөөлөр, байыркы курулуштардын урандылары, көптөгөн аллеялар, сандаган фонтандар, монументтүү скульптуралар шарттайт. 6—9-к-да өзүнчө борбор катары Капитолий (Ватикан) болуп, ал толук реконструкцияланып, ыйык Пётр собору (1506—1614) курулат. 16-к-дын 2-жарымында Р-дин Италиянын борборуна айланышы шаар курулушун ылдамдатат. Шаардын 1873-жылдагы генпланынын түзүлүшү м-н жаңы артериялар (Корсо Витторио Эмануэле, Виа Национале), помпездүү-эклектикалык мүнөздөгү имараттар, ансамблдер (Виктор Эмануил II нин эстелиги) пайда болгон. Экинчи дүйн. согуштан кийин шаар аймагы дагы кеңейтилген. 1960-ж. Олимпиада оюндарына арналып Виа Олимпика ж. б. курулган. 1960—70-ж. ЭУР (Экспозициялоо университеттик романы) р-ну пш жүргүзүүчү борборго айланып, кийин шаардын түш.-батышына созулган. Шаарда ун-т, ПА ж. б. пл. мекемелер, консерватория, музейлер, иск-во галереялары, театрлар, китепканалар ж. б. бар.

Ад.: Персианова О. М., По городам Италии, Л., 1968; Галкина И., «Вечный город» сегодня в кн.: Земля и люди. Географический календарь, М., 1975

РИМАН Георг Фридрих Бернхард (17. 9. 1826, Төмөнкү Саксония, Бреселенц — 20. 7. 1866, Италия, Интрага жакын Селаска) — немец математиги. 1846—49-ж. Гёттинген, Берлин ун-тт-ринде окуп, К. *Гаусс*, К. Якоби, П. Дирихледен таалим алган. Гёттинген ун-тинин проф. (1857). Р. *аналитикалык функцияларга* геометриялык түшүндүрмө берип, риман беттери ж-да түшүнүктү, конформдук чагылдыруу ж-а ага байланыштуу топологиянын негиздерин иштеп чыккан. Алгебралык функциялар ж-а интегралдар теориясын, дифференциал теңдемелердин аналитикалык теориясын, сандардын аналитикалык теориясын, функциялардын тригонометриялык катарга ажыроочулугун изилдеген. Функционалдык ж-а топологиялык мейкиндиктерди жалпылап, математикалык мейкиндикке аныктама берген. Евклид, Лобачевский геометрияларындагы мейкиндиктерди камтыган *Риман мейкиндигин* сунуш кылган. Матем. идеяларын физ. мейкиндикти түшүндүрүүгө колдонуп, *салыштырмалуулук теориясына* жакындаган. Р-дын эмгектери математика, физика, механикада кеңири колдонулат.

РИМАН ГЕОМЕТРИЯСЫ — беттин геометриясынын көп өлчөмгө жалпыланышы, б. а. Риман мейкиндиктеринин теориясы. Р. г-нын негизин Б. *Риман* түзгөн (1854). Евклид мейкиндигиндеги жылмакай бет өзүнчө бетте жүргүзүлгөн чөнөөлөргө карата эки өлчөмдүү мейкиндик болот да, анын геометриясы Евклид геометриясына жакындаганы м-н так Евклид геометриясы боло албайт. Өзүндүктөн беттин геометриясы эки өлчөмдүү Р. г., ал эми беттин өзү эки өлчөмдүү *риман мейкиндиги* болот. Мында бир типтеги объектилер — мейкиндиктин $x^1, x^2, ..., x^n$ чекиттери n саны (координаталары) м-н аныкталат. Мейкиндиктеги мындай геометрия чексиз жакын эки чекит $(x^1, x^2, ..., x^n)$ ж-а $(x^1+dx^1, x^2+dx^2, ..., x^n+dx^n)$ арасындагы аралыктын квадраты м-н, б. а. координаталардын дифференциалына карата төмөнкү квадраттык форма м-н аныкталат;

$$ds^2=\sum_{i,j=1}^{n} g_{ij}(x)dx^i dx^j \quad \dots \quad (*)$$

мында $g_{ji}(x)=g_{ji}(x)$, ал эми (x) символу $(x^1, x^2, ..., x^n)$ координаталарынын системасы; $g_{ji}(x)$ функцияларынын системасы төмөнкү өзгөчө эмес матрицаны түшүндүрөт:

$$\begin{Vmatrix} g_{11}g_{12} \cdots g_{1n} \\ \cdots\cdots\cdots \\ g_{n1}g_{n2} \cdots g_{nn} \end{Vmatrix}.$$

Бул $g_{ij}(x)$ функциялардын системасы i ж-а j индекстүү эки коварианттуу тензорду түзөт. Бул тензор метрикалык же фундаменттик, б. а. негизги тензор деп аталып, (*) формуласы риман метрикасын туюнтат. Ушул метриканын негизинде аныкталуучу ж-а координаталардын өзгөрүштөрүнө көз каранды болбогон касиеттердин бардыгы риман мейкиндигинин геометриясын түзөт. Р. г-нда сызыктардын арасындагы бурчтар, аянттар, көлөмдөрдү чөнөө ж. б. түшүнүктөр каралат. Р. г. теориялык физикада ж-а механикада колдонулат. Бул теорияны өнүктүрүүдө сов. илимпоздордун салымы чоң. Кыргызда Б. Абакиров риман мейкиндиктериндеги геометриялар теориясы б-ча ил. из. жүргүзүүдө.

Ад.: Риман Б., Соч., пер. с нем., М.—Л., 1948; Эйзенхарт Л. П., Риманова геометрия, М., 1948; Лаптев Б. Л., Лобачевский Н. И., Казань, 1976.

РИМАН МЕЙКИНДИГИ — мейкиндиктин жалпыланган түшүнүгү. Бул мейкиндиктин кичине аймактарында жакындатылган түрдө *Евклид геометриясы* орун алат. Мейкиндиктин мындай жалпыланган түшүнүгүн Б. *Риман* (1854) негиздеген. Р. м-не ийриликтери нол болгон кадимки *Евклид мейкиндиги*, туруктуу оң ж-а туруктуу терс ийриликке ээ болгон мейкиндиктер (мында Риман геометриясы ж-а Лобачевский геометриясы орун алат) кирет.

РИМАН СФЕРАСЫ — Б. *Риман* киргизген *комплекстүү сандар* тобунун геом. сүрөттөлүшүнүн мүмкүн болгон бир учуру.

$$z=x+iy=r(\cos\varphi+i\sin\varphi)=re^{i\varphi}$$

комплекс санын x, y Декарт координаталары же r, φ уюлдук координаталары аркылуу тегиздиктеги чекиттер м-н сүрөттөөгө болот. Р. с-н түзүү үчүн комплекс сан тегиздигинин координата башталышына жануучу сфера жүргүзүлөт; мында комплекс тегиздигинин чекиттери сферанын бетине стереографиялык проекция м-н чагылдырылат. Ар бир комплекс саны сферанын тиешелүү чекити м-н сүрөттөлөт. Бул сфера Р. с. делет.

РИМ БАНКЫ — Италиядагы коммерциялык ири банктардын бири. 1880-ж. уюшулган. Банктын башкарма мүчөлөрүн ж-а жетекчилерин өкмөт дайындайт. Узак ж-а орт. мөөнөттөгү кредит үчүн Р. б. Италиянын коммерция ж-а кредит банктары м-н бирге кредиттөө, финансылоо банкын түзгөн. Банк тышкы сооданы кредиттейт. Ишин Италиядагы эң ири о. ж. монополиялары м-н тыгыз байланышта жүргүзөт. 1969-жылдын башында банктын Италияда 250, чет өлкөлөрдө 28 бөлүмү болгон. Р. б-нын сумма баланси арбын, анткени ал башка банкит. банктарга караганда баалуу кагаздарды (жалпы саны 1484 млрд лирге тете) сактайт.

«РИМ МАСЕЛЕСИ» — Италияны бириктирүү убагында Папа обл-нын Италия королдугуна өткөрүлүшүнөн (1870) ж-а Италиянын борборунун Римге көчүрүлүшүнөн (1871) улам Ватикан м-н Италия мамлекетинин ортосунда чыккан чыр-чатак. Папа IIий IX бириккен Италия мамлекетинин папачылык м-н болор мамилесин жөнгө салуучу «Папанын жана ыйык тактынын прерогативин гарантиялоо жөнүндөгү законду» (1871-ж. 13-майда жарыяланган) тааныбай, өз бийлигин кайра алуу үчүн көп жыл бою күрөшкөн. Ватикан буга европ. ири державалардын жардамы м-н жетүүгө үмүттөнгөн. Бирок андан эч нерсе чыккан эмес. Франция, Австрия сыяктуу католик державалар «Р. м-н» саясий максаттар үчүн пайдаланышкан. Ватикан м-н Италия мамлекетинин ортосунда Латеран макулдашуусу (1929) түзүлгөн соң «Р. м.» бироголо жоюлган.

РИМ ПАКТЫСЫ, Лаваль — Муссолини макулдашуусу — 1935-ж. 7-январда Римде Италиянын фашистчил өкмөтүнүн башчысы Б. Муссолини м-н Франциянын тышкы иштер министри П. Лаваль кол койгон макулдашуулар комплекси. Р. п. б-ча Франция Италияга Ливиянын чек арасындагы 114 миң $км^2$ аймакты, Франц. Сомалинин бир аз жерин (800 $км^2$) Думейра а. м-н, о. эле Жибути — Аддис-Абеба т. ж-нан түшүүчү акциянын 20%ин берген. Лаваль Эфиопия жагынан Муссолинининн «колу бош» экенине макул болгон. Р. п. Франциянын Африкадагы ээликтерине (Тунисте) Италия көз артуудан баш тартканын, Италиянын Эфиопияга агрессия жасашына Франция комектөөн экенин билдирип, Австриянын көз карандысыздыгын сактоону кырастаган. Р. п-н түзүү м-н Франция герм.-итал. фашисттерди жакындаштырбоону, Италия Африкадагы ж-а Австриядагы өз позицияларын чыңдоону көздөгөн. 1938-ж. декабрда Италия Р. п-н денонсациялаган.

РИМ ПАПАСЫ, папа (гр. paphos — ата) — католик чиркөөсүнүн ж-а *Ватикан* мамлекетинин башчысы. Ал өмүр бою шайланат ж-а аның чиркөөдөгү бийлиги чексиз. Вселенский соборун чакырат; аның чечимин бекитет, кардинал, епископ наамдарын берет; ага монах ордендеринин генералдары баш ийет. Резиденциясы Ватикан мамлекетинде жайгашкан. П. рим епископтугунун негизинде түзүлгөн.

П. Улуу Окт. соц. рев-ясына ж-а Совет мамлекетине каршы позициялы ээлеген, кийинки жылдардагы аның ички ачык эле антикоммунисттик мүнөздө. Экинчи дүйн. согуштан (1939—45) кийин социализмдин чыңдалышы, улуттук-бошт. кыймылдын өсүшү ж-а ил.-тех. прогресс католик чиркөөсүн кризиске учуратты. Эми католицизмдин позициясын чыңдоо үчүн П. аны азыркы шартка ылайыкташтырууга аракеттенүүдө. Мындай жаңы багытка папа Иоанн XXIII (1958—63) жол салган. Социализмдин душманы болгону м-н ал тынчтыкты, куралсыздануунуу, эл аралык чатак маселелерди сүйлөшүү жолу м-н чечүүнү жактап, соц. өлкөлөргө карата реалисттик позицияны ээлеген. Бул жаңы багытты папа Павел VI уланткан (1963—78). 1978-ж. октябрда папалыкка шайланган польшалык кардинал Кароль Войтыла (папа болгон соң Иоанн Павел II деген ат алды) жаңы саясатка жол ачкан папалардын ишин улантарын билдирди.

РИМ ПРОВИНЦИЯЛАРЫ — Римге көз каранды (Италиядан башка) ж-а римдик акимдер башкарган аймактар. Р. п-на алгач Сицилия а. (б. з. ч. 241-жылдан), Сардиния ж-а Корсика (б. з. ч. 227-жылдан), Респ-ка мезгилинин аягында 20дай, империя мезгилинде 50дөй аймак кирген. Р. п. «рим элинин ээлиги» деп эсептелген. Империянын провинциялык саясатын Ю. *Цезарь* негиздеген. Б. з. ч. 27-ж. Р. п. императордук ж-а сенаттык болуп бөлүнгөн. Жерг. калктын рим үстөмдүгүнө каршы чыгуулары көтөрүлүшкө айланган. Италия м-н Р. п-нын өзгочөлүктөрүнүн бара-бара жоюлуу процесси (процесс нивелирования) Диоклетиандын (к. *Диоклетиан)* реформасы (3-к.) м-н аяктаган. Ал б-ча бүт Рим империясынын (Италияны кошкондо) чек аралары Р. п. м-н дал келбеген админ.-аймактык бөлүктөргө (провинцияларга) бөлүнгөн.

РИМ РЕСПУБЛИКАСЫ (1798—99) Француз армиясы колдогон рим респкачылары тарабынан 1798-ж. 15-февралда жарыяланган. Папа обл-нда папа IIий VIIинин бийлиги жоюлуп, Р. р-нын конституциясы (1798) франц. конституциянын (1795) үлгүсүндө иштелип чыккан. Өлкөдө чиркөөнүн мүлкү конфискацияланып ж-а аларды сатуу, феод. артыкчылыктарды жоюу туу, феод. артыкчылыктарды жоюу оңдуу прогрессчил бир катар закондор кабыл алынган. Бирок өлкөнү франц. аскер администрациясы башкаргандыктан Р. р-нын абалы өтө начарлаган. Австриялыктардын, неаполитандардын ж-а орустардын басып кириши улам 1799-ж. Р. р. кулап, папа бийлиги калыбына келтирилген.

РИМСКИЙ-КОРСАКОВ Николай Андреевич [6(18). 3. 1844, Тихвин — 8(21). 6. 1908, Лугага жакын Любенск чарбагы, азыркы Ленинград обл.] — орус композитору, педагог, дирижёр, коомдук ишмер. Ак сөөк үй-бүлөдөн. Петербургдагы Деңиз корпусунан окуган. 1859—60-ж. пианист Ф. А. Канилден таалим алган. 1861-ж. «Кубаттуу топко» мүчө болуп кирип, М. А. Балакиревдин жетекчилиги м-н 1-симфониясын жазган (1862—65, 2-ред. 1874). 60-жылдарда 20дай романс, симф. чыг-лар («Садко» муз. картинасы ж. б.), «Псков кызы» операсын, 2-симфониясын («Антар») ж. б. жазган. 1871-жылдан Р.-К. Петербург консерваториясынын проф., 1874—81-ж. Акысы муз. мектептин директору. Р.-К. өзүнүн чыгаларында улуттук мүнөздөрдүн галереясын түзүп, орус элинин сулуулугун, чыгыш кубатын, элдик поэзиясын, табиятын даңазаалаган. Ал «Орустун элдик 100 ыры» (1876) жыйнагын түзгөн. «Алэ кызы» (1881), «Млада» (1890), «Рождестводон мурдагы түн» (1895), «Моцарт жана Сальери» (1897), «Падыша колуктусу» (1898), «Падыша Салтан жөнүндө жомок» (1900) ж. б. чыг-лары м-н опера өнөрүнө зор салым кошкон. Мындан башка «Орус темаларына симфониетта» (1885), «Испан каприччиосу» (1887), «Шехеразада» сюитасы (1888) ж. б. чыг-лардын автору. 1944-ж. Тихвин ш-ндагы туулган үйүндө музей үйү ачылган.



Н. А. Римский-Корсаков.

Ад.: Ястребцев В. В., Н. А. Римский-Корсаков. Воспоминания, т. 1—2, Л., 1959—60; Соловцов А., Жизнь и творчество Н. А. Римского-Корсакова, 2 изд., М., 1969; Кунин И., Н. А. Римский-Корсаков. Жизнь и творчество в воспоминаниях, письмах, критических отзывах, Л., 1974.

РИМ СОЮЗДАШТАРЫ — Римге көз каранды италиялык жамааттар. Алар тышкы саясатты өз алдынча жүргүзбөй, согуш убагында Римге аскер, материалдык жардам берип, жеринин бир бөлүгүн рим колониячыларына өткөргөн. Р. с. өзүн өзү башкаруусу ж-а укугу б-ча ар кыл категорияларга (артыкча укугу бар Р. с., чыныгы Р. с., төмөнкү Р. с.) бөлүнгөн. *Союздаштар согушунан (б. з. ч. 90—88)* кийин Р. с-на рим гражданы деген укук берилген.

РИМ УНИВЕРСИТЕТИ — Европадагы алгачкы ун-ттердин бири. 1303-ж. негизделген. Каражат ж-а админ. жактан Рим папаларына көз каранды болгондуктан көп жолу кедери кеткен. Ири ил. ж-а окуу борборуна Италия бириккенден (1870) кийин айланган. Р. у-нин составында 16 ф-тет болгон (1974). Китепканасында 900 миңче том бар. 1973—74-окуу жылында 94 миң студент окуган. Окутуучуларынын 300дөйү профессор. 1575-ж. Р. у. үчүн «Сапиенца» аталган имарат тургузулуп, жаңы комплекси 1935-ж. курулган.

РИМ ЦИФРАЛАРЫ — байыркы римдиктердин сан белгилери. Р. ц-н ондук разрядда жазууда атайын белгилер колдонулган: I=1, X=10, C=100, M=1000 ж-а V=5, L=50, D=500. Натуралдык сандар ушул цифраларды белгилүү тартипте кайталоо аркылуу жазылат. Эгерде чоң цифра кичине цифрадан кийин турса, анда алар алынат (IX=9), ал эми тескерисинче, чоң цифра кичине цифрадан мурун жайгашса, анда алар кошулат: (XI= =11). Бул цифра м-н арифм. амалдарды аткаруу өтө кыйын, ошондуктан азыр кылымдарды, даталарды, айларды белгилөөдө гана колдонулат.

РИНГ боксёрдук — боксёрлор тайлашчу чарчы аянтча. Р-дин бурчтарындагы мамыларга жерден 40, 80, 120 *см* аралыкта ак материал м-н оролгон аркан үч катар тартылат. Аянтка жумшак, тайгалантпаган брезент, синтет. материал тошолот. Р. бийикт. 0,75—1,25 *м*, туурасы 6—8 *м* секиге орнотулат.

РИНИТ (гр. rhis, rhinós — мурун) — мурундун былжыр челинин сезгениши. Ал өзүнчө оору же дем алуу жолдорунун сезгенишинин, *аллергиялык ж.* б-лардын белгиси катары кездешет. Катуу кармаган Р-ке көбүнчө үшүп калуу, мех., хим., дүүлүктүргүчтөр дуушар кылат. Аны кокктор, *вирустар* козгойт. Катуу кармаган Р. кээде өпөкөт түрүнө өтүп, анда мурун бүтүп, жыт сезүү бузулат. Өсүмдүктөр гүлдөгөндө же чаң тааспр эткенде пайда болгон (аллергиялык) Р. да кездешет. Дарылоодо мурунга 1% ментол майын тамчылатуу ж. б. колдонулат. Р-ти алдын алууда бала кезден организмди чыңдоо зарыл.

РИНОСПОРИДИОЗ — адам ж-а жаныбарлардын өпөкөт микоз оорусу. Мында мурун, ооз, көз, кулак, кекиртектин былжыр чели карттанат. Р. ж-дө биринчи жолу Аргентинада (1892) баяндалган. Көбүнчө жылкы, уй чалдыгат. Паилдөөчүлөрдүн бир даары Р.— балык ылаңы, адам м-н айбанатта кокусунан пайда болот деп божомолдойт. Диагноз клиникалык белгилердин ж-а лабор-ылык изилдөөлөрдүн негизинде коюлат. Дарылоо: кайруу, картты сыйруу. Атайын профилактикасы жок.

РИО-БЕРМЕХО — Түш. Америкадагы дарыя, Парагвайдын оң куймасы. Аргентинанын түндүгүндө. Уз. 1600 *км*, алабынын аянты 133 миң *км*². Боливиядан (Борб. Анд тоолорунан) башталып, 100 *км* аралыкта тоо этеги м-н, андан ары Гран-Чако түздүгү аркылуу агат. Жайкы жаан-чачындуу мезгилде суусу ташкындайт. Жылдык орт. чыгымы тоодон чыга беришинде 340 *м*³/*сек*. Президенсия-Рока ш-на чейин чакан кемелер жүрөт.

РИО-ГРАНДЕ, Рио-Браво-дель-Норте — Түп. Американын түш.-батышындагы дарыя, АКШ м-н Мексикада. Уз. 2880 *км*, алабынын аянты 570 миң *км*². Сан-Хуан тоосунан башталып, Мексика булуңуна куят. Эль-Пасо ш-нан чатына чейин АКШ м-н Мексиканын чек арасы аркылуу агат. Сент.— ноябрда суусу кирип, жайында тартылат. Орт. чыгымы чатында 570 *м*³/*сек*. Сугат каналдарына таралып кеткендиктен чатына агымынын 3% гана жетет. АКШ м-н Мексиканын келишими б-ча Р.-Г-де — Элефант-Бьютт ж-а Фалькон при суу сактагычтары курулган. Боюнан Альбукерке, Эль-Пасо, Ларедо (АКШ), Сьюдад-Хуарес, Нуэво-Ларедо (Мексика) ш-лары орун алган.

РИО-ДЕ-ЖАНЕЙРО — Бразилиядагы шаар. Атлантика океанынын Гуанабара бухтасында. Климаты тропиктик. Январдын орт. темп-расы 26°С,



Рио-де-Жанейро ш. Аскер мин-восу м-н вокзалдын имараттары.

июлдуку 21,1°С. Жылдык жаан-чачын 1100 *мм*. Калкы 4,9 млн (1977). Өлкодогу маанилүү соода-финансы, ө. ж. ж-а маданий борбор. Түш. Америкадагы ири порттордун бири. Автомобиль ж-а т. ж. тоому, 2 эл аралык маанидеги аэропорту бар. Кеме куруу, ун тартуу, текстиль, кийим тигүү өнүккөн. Тери, жыгач иштетүү, химия, металлургия, машина куруу ө. ж. ишканалары иштейт. Алмаз кырдоочу ф-ка бар. Р.-д.-Ж. Бразилиядагы иштетүүчү ө. ж. продукциясынын 10%ин берет. Өлкөдөгү кооз шаарлардын бири. Ири туристтик борбор. Шаарда 6 ун-т (4 мамл., 2 католиктик), Бразилия ад-т академиясы, атом энергиясы б-ча улуттук комитет, обсерватория; 25 ил. из. ин-ту, 20дан ашык ил. коом, улуттук китепкана, 5 музей, бир нече театр бар. 16—19-к-дагы арх-ралык эстеликтер сакталган. Р.-д.-Ж. 1502-ж. негизделген.

РИО-ДЕ-ЖАНЕЙРО КОНФЕРЕНЦИЯСЫ (1947) — АКШнын демилгеси б-ча чакырылган Америка аралык конф-я. 15-августтан 2-сентябрга чейин Рио-де-Жанейродо (Бразилия) өткөн. Конф-яда «Өз ара жардамдашуу жөнүндөгү» Америка аралык келишим талкууланып, 2-сентябрда күчүнө кирген. Келишимде амер. мамлекеттердин бирине кол салуу амер. бардык мамлекеттерге кол салуу деп эсептелип, алардын ар бири баскынчынын мизин кайтарууга комоктошот деп милдеттендирилген. Келишим негизинен Батыш жарым шарда АКШ-нын таасирин күчөтүүгө багытталган.

РИОЛИТ (гр. rhýax — агым, лава ж-а lithos — таш), **липарит** — кайнотиптүү кремнезёмго бай (68—77%) эффузив тоо теги. Порфир түзүлүшүндө, составында кварц бүртүкчөлөрү, калий талаа шпаттары, плагиоклаз, чанда биотит же пироксен бар. Айнек сымал түрү (бүртүкчөлөрү жогу) обсидиан деп аталат. Палеотиптүү аналогдору жегичтердин составына карай кератофир (натрийлүү), ортофир (калийлүү) болуп бөлүнөт. Р.,— гранитоиддердин эффузивдик аналогу.

РИО-НЕГРО — Аргентинадагы дарыя, Патагониянын түндүгүндө. Анд тоолорунан башталган Неукен ж-а Лимай д-ларынын кошулушунан түзүлөт. Уз. 1300 *км*, алабынын аянты 146 миң *км*². Патагония аркылуу агып, Атлантика океанына куят. Суусу жайдын башталышында кирет. Жылдык орт. чыгымы 950 *м*³/*сек*. Айрым бөлүктөрүндө кеме жүрөт. Алабында ГЭСтер бар.

РИОНИ — Грузин ССРиндеги дарыя. Уз. 327 *км*, алабынын аянты 13 400 *км*². Башкы же Суу бөлгүч кырка тоосундагы (Чоң Кавказда) мөңгүлөрдөн башталат. Кутаиси ш-нан төмөн Колхида ойдуңу аркылуу агып, Кара деңизге куят. Негизинен жамгыр ж-а мөңгү сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы чатында 405 *м*³/*сек*. Р-де Гумат ж-а Рионн ГЭСтери курулган. Суусу сугатка пайдаланылат. Чатынан 95 *км* аралыкка чейин кеме жүрөт. Боюнда Опи, Кутаиси, Поти ш-лары жайгашкан.

РИО-САЛАДО — Аргентинадагы дарыя, Парананын оң куймасы. Жог. агымында Гуачипас ж-а Хурамento же Рио-де-Пасахе деп аталат. Уз. 1300 *км*, алабынын аянты 160 миң *км*². Борб. Анд тоолорунун чыгыш түздүгү аркылуу салааларга бөлүнүп агат. Жылдык орт. чыгымы жог. агымында 40 *м*³/*сек*, төмөн жагында (жерге сиңим ж-а бууланын кеткендиктен) 15 *м*³/*сек*.

РИСОРЖИМЕНТО (итал. Risorgimento — кайра жаралуу) — Австрия эзүүсүнө каршы ж-а Италияны улуттук бир мамлекетке баш коштуруу үчүн италия элинин улуттук-бошт. кыймылы. Р. өзү болуп өткөн мезгилди да (18-к-дын аягы — 1861) билдирет. Р. Римдин Италия королдугуна кийрилиши м-н (1870) биротоло аяктаган.

Р. кыймылы итал. мамлекеттердеги феод.-абс. тартипти жоюу ж-а бурж. түзүлүштү орнотуу зарылдыгынан улам буржуазия либералдарынын ж-а демократтарынын башчылыгы м-н башталган. Либералдар Рим папасы же Савойя династиясынын монархы башында турган бирдиктүү Италияны түзүү, демократтар демокр. респ-ка формасындагы бирдиктүү Италияны түзүү үчүн күрөшкөн. Р. кыймылы бурж. ж-а бурж.-демокр. рев-яга айланып, эл массасы чечүүчү роль ойногон. Бирок таптык мүдөөсү чектелген бурж. демократтар өлкөдө бурж.-демокр. реформаларды жүргүзүүгө, дыйкандар кыймылын күчөтүүгө жарабай, кыймылдагы саясий жетекчилик либералдарга өткөн. Натыйжада Италия мамлекети конституциялык-монархиялык негизде бириккен.

Экинчи дүйн. согуш (1939—45) убагында Италия элинин антифаш. бошт. кыймылын (1943—45) Италияда **экинчи Р.** деп аташкан.

РИТМ (гр. rhéo — агамын дегенден) — кандайдыр бир процесстин убакытта кабылданышы, иск-вонун (поэзия, музыка, бий ж. б.) формалык түзүлүшүнүн негизги принциби, к. *Ыргак*.

РИТМИКА (гр. rhytmikós — ритмге тиешелүү) — 1) ритм, ыргак теориясы. 2) Бул же тигил жазуучунун көркөм чыг-ларынын, бир тилдин, поэзиянын, музыканын же стилдин ритмдик өзгочөлүктөрүнүн жыйындысы (мис., инди Р-сы, барокко Р-сы, А. С. Пушкиндин Р-сы). 3) Метрикадан айырмаланып, бир эле ыр өлчөмүндөгү ырдын конкреттүү формаларын изилдөөчү ыр таанунун бөлүгү. 4) Ритмдик сезимди өстүрүүгө комок болчу муз. коштоосу бар көнүгүүлөр системасы.

РИТОРИКА, реторика — чечендик өнөр, жалпысынан көркөм проза ж-дө илим. Б. з. ч. 5-к-да Грецияда пайда болуп, 3—2-к-да ошол эле жерде, б. з. ч. 1-к-дан Римде системага салынган. *Аристотель, Цицерон*, Квинтилиан — античный Р-нын белгилүү теоретиктери. Классикалык Р. бешке бөлүнөт: 1) табуу — кептин (речтин) мазмунун ж-а анда колдонулуучу далилдерди системалаштыруу; 2) жайгаштыруу — кептин баш сөз, баяндама, иштеп чыгуу (өзүнүн пикирин далилдөө, каршысыныкын тогундоо) ж-а корутундуга бөлүнүшү; 3) сөз аркылуу туюнтуу — сөздөрдү, сөз айкаштарын, тропторду, Р-лык фигураларды тандоо ж-а алардын пайдаланылышына карай түзүлгөн кептин карапайым, орто, салтанаттуу түрлөрү ж-дөгү окуу; 4) эсте тутуу; 5) сүйлөө. Р. орто кылымда кат, насыят жазуу, Кайра жаралуу ж-а классицизм доорунда көркөм прозага колдонуу үчүн кайрадан иштелип чыккан. Россияда муну М. В. Ломоносов ишке ашырган. 19-к-га чейин Р. гуманитардык илимдердин бир бөлүгү болгон. Анын сөз аркылуу туюнтуу бөлүгү ад-т теориясынын бир бөлүгү катары стилистика м-н жуурулушуп кетип, калган бөлүктөрү практикалык маанисин жоготкон; ал эми «Р.» деген сөз өзү ыксыз текеберленип, маңызсыз сүйлөө, жөө чечендик кылуу деген мааниге өткөн.

Ад.: Цицерон, Три трактата об ораторском искусстве, М., 1972; Античные теории языка и стиля, под ред. О. Фрейденберг, М.—Л., 1936.

РИТТЕР Карл (7. 8. 1779, Кведлинбург — 28. 9. 1859, Берлин) — немец географы. Берлин ун-тинин проф. (1820-жылдан), Пруссия ИАнын мүчөсү (1822-жылдан). «Жер таануу» деген эмгегинде географиядагы салыштырма ыкмаларды өнүктүрүп, кенири жайылткан; бул ыкманы рельефтин формаларын, жер бетиндеги ж. б-дагы элементтерди изилдөөдө пайдаланган. Коомдук кубулуштарды түшүндүрүүдө Р. геогр. детерминизм мектебине (коомдук кубулуштарды табигый шарттарга ж-а кандайдыр бир өлкөнүн же райондун геогр. абалына жараша түшүндүргөн социологиялык концепция) талапташ болгон. Р. идеалисттик философияны жактаган. Жерди кудай жаратkан деген багытты ж-а табияттын калкка тийгизген таасирин далилдөөгө аракет жасаган. Бул далилдөө бурж. географияда геополитиканын пайда болушуна түртүк болгон. Р-дин ысмынан Наньшандагы кырка тоо аталган.

Эмгг.: в рус. пер. — Землеведение Азии, ч. 1—5, пер. и доп. П. П. Семенова, СПБ, 1856—79; Общее землеведение, М., 1864.

РИТУАЛ (лат. ritus — диний ырым-жырым, салтанаттуу каада-салт) — белгилүү социалдык, маданий өз ара мамилелерди, шарттуу жүрүм-турумду билдирүүчү тарыхый ырым-жырымдын бир түрү. Ал байыртадан диний мамилелерди билдирүүгө кызмат кылган. Бирок Р-дын прогрессчил салтка шайкеш түрлөрү да бар. Р. коомдун тарыхында жеке адамды социалдык жактан тарбиялоодо ж-а аларды коллективге ыктоого үйрөтүүдө салт ыкма катары маанилүү роль ойнойт. Адамдын адеп-ахлак нормасына анча коопногондуктан массалык мүнөзүн жоготуп, азыр гражд. ырым-жырым үлпөтөрүндө, дипл. мамилелерде ж-а кабыл алууларда гана колдонулат.

РИТЦ ЖАНА ГАЛЁРКИН МЕТОДДОРУ — *математикалык анализдеги* чет маселелер м-н вариациялык маселелерди эсептеп чыгаруунун түз методдору. **Ритц методу** вариациялык маселелерди жакындатып эсептөөдө ж-а вариациялык маселеге келтирилген чет маселелерди чыгарууда колдонулат. Бул методду (1908) немец математиги В. Ритц сунуш кылган. **Галёркин методу** Ритц методунун жалпыланган учуру; бул метод вариациялык ж-а чет маселелерди, ө. эле вариациялык маселеге келтирилбеген чет маселелерди да жакындатып чыгарууда колдонулат. Алгач бул методду (1913) *серпилгичтик теориясындагы* конкреттүү маселени чыгарууда орус математиги И. Г. Бубнов колдонгондуктан кээде Бубнов—Галёркин методу деп да аталат. Методдун теориялык негиздерин М. В. *Келдыш* иштеп чыккан.

РИУ-БРАНКУ — Бразилиядагы дарыя, Риу-Негру д-нын (Амазонканын алабы) сол куймасы. Урарикая ж-а Такуту дарыяларынын кошулушунан түзүлөт. Урарикая д-н кошкондо уз. 1300 *км*, алабынын аянты 195 миң *км*². Гвиана бөксө тоосу ж-а Амазонка ойдуңу аркылуу агат. Суусу жайында (июнь, июль) кирет. Жылдык орт. чыгымы 5400 *м*³/*сек*. Каракаран кыш-на (суу киргенде Боа-Виста ш-на) чейин кеме жүрөт.

РИУ-ГРАНДИ — Бразилиянын түш.-чыгышындагы дарыя, Парананын сол түзүүчүсү. Уз. 1230 *км*, алабынын аянты 170 миң *км*². Атлантика океанынын жээгиндеги Серра-да-Мантикейра тоосунан башталып, Бразилия бөксө тоосу аркылуу агат. Нугунда шаркыратмалар бар. Жамгыр сууларынан куралып, янв.— март айларында кирет. Жылдык орт. чыгымы 2000 *м*³/*сек*. Жог. агымында ири Фурнас суу сактагычы (көлөмү 20,2 *км*³) ж-а ГЭСи (кубаттуулугу 1,2 *Гвт*) курулган. Айрым жерлеринде кеме жүрөт.

РИУ-НЕГРУ — Түш. Америкадагы дарыя (көп бөлүгү Бразилияда), Амазонканын сол куймасы. Колумбиядан Гуайния деген ат м-н башталат. Уз. 2300 *км*, алабынын аянты 691 миң *км*². Жог. агымы (Кастаньейру ш-на чейин) босоголуу; төмөнкү бөлүгүндө Амазонка ойдуңу аркылуу агат, нугу жазы, аралдары көп. Эң ири куймасы Риу-Бранку (сол). Марттан августтун аягына чейин суусу ташкындан, окт.— янв. айларында тартылат. Жылдык орт. чыгымы 29,3 миң *м*³/*сек*. Р.-Н. Касикьяре куймасы аркылуу Ориноко д. м-н туташат. Чатынан 1000 *км*ге чейин кеме жүрөт. Чатында Манаус ири порту жайгашкан.

РИФЕЙ (лат. Riphaei montes — Рифей тоолору; античный географтар Урал тоосун ушундай аташкан) — *кембрийге чейинки мезгилдин* аягында пайда болгон тоо тек катмарлары. 1945-ж. Н. С. *Шатский* Түш. Уралдан болгон. Азыр төрт бөлүмгө ажыратылат (пайда болгон мезгили млн жыл м-н): асты (1650—1400), ортосу (1400—1100), үстү (1100—680), венд (680—570). Р-дин деңиз ж-а континенттик чөкмө тектери бардык континенттерде кеңири таралган. Р-дин аягындагы *байкал буктолуусу* учурунда флиш м-н *моласстар* чөкмөлөрү ыраттуу өңүккөн. Кырг-ндагы кеңкол, тескей сериялары, *чоң нарын комплекси, мурсаш сериясы, жетим сериясы* рифейдин бөлүмдөрүнө кирет. Р. мезгилинде пайда болгон тоо тектерде темир, фосфорит, коргошун, цинк, жез, уран ж-а кобальт кендери учурайт.

Ад.: Келлер Б. М., Семихатов М. А., Стратиграфические рубежи в докембрий, в кн.: Границы геологических систем, М., 1976.

РИФОРМИНГ (англ. reform — кайра оңдоо, жакшыртуу) — жог. октандуу бензин ж-а аромат углеводороддорду алуу максатында нефтинин бензин, лигроин фракцияларын кайра иштетүү процесси. Р-дин пл. негизин Н. Д. *Зелинский* ж-а анын окуучулары иштеп чыккан.

РИФ РЕСПУБЛИКАСЫ — Мароккодогу 1921—26-жылдардагы мамлекет. Россиядагы Улуу Окт. соц. рев-ясынан кийин Мароккодо риф урууларының кулач жайган улуттук бошт. ж-а антиимпер. күрөшүнүн убагында түзүлгөн. Р. р. тоолуу жерлерде жашаган урууладрдын аскердик саясий бирикмеси болгон. Р. р-н Улуттук чогулуш бийлеген. Президенти (эмири) *Абд аль-Керим* болгон. Өкмөтү 5 кишиден түзүлгөн. Жер-жерлердеги админ. бирдиги кәнд ж-а жамаат совети башкарган урууладрдан турган. Р. р. узак убакыт бою испан ж-а француз армияларына бир катар ийгиликтүү сокку урганы м-н 1926-ж. 27-майда алардын бириккен аскерлеринен жеңилип, кулаган.

РИФТ (англ. rift — жарака) — жүздөгөн же миңдеген *км*ге созулган коо түрүндөгү тектоникалык ири структура. Жер кыртышынын горизонталь чөлүлүсүнан пайда болот. Р. жарака сериялырынан турат. Туурасы көбүнчө 30—70 *км*, кээде 5—20 *км* болот. Р-ке грабен ж-а горст структуралары мүнөздүү.

РИЦА, Чоң Рица — Батыш Кавказдагы көл, Абхаз АССРинде. Мөңгүнүн ж-а тектоникалык күймылдын аракетинен пайда болгон. Рица коругунун аймагында деңиз денг. 950 *м* бийиктө жайгашкан. Аянты 1,49 *км*², уз. 2,5 *км*, эң жазы жери 1,05 *км*, орт. терең. 63 *м*, эң терең жери 116 *м*. Кар ж-а жамгыр суулары м-н толукталат. Көлгө Лашпсе д. куюп, Юпшара д. башталат. Көл ж-а анын айланасы өтө кооз. Жээгинде мейманкана ж-а пансионат бар. Кара деңиздин жээгиндеги курорттор м-н автомобиль жолу аркылуу байланышат.

РИЦА КОРУГУ — Башкы Кавказ тоо кыркасынын түш. тармагындагы коручок. 300—2200 *м* бийиктө. Чоң Рица ж-а Кичи Рица көлдөрүн ж-а жаратылыш байлыгын коргоо үчүн 1957-ж. уюшулган. Аянты 16 167 *га* (1974). Р. к. кокту-колоттуу. Анда кадимки граб, кавказ липасы, эмен, каштан, карагай, кайың ж. б. өсөт. Р. к-н бугу, элик, доңуз, суусар, улар, каракур ж. б. мекендейт. Чоң Рица көлүндө форель балыгы бар.

Лит.: Заповедники Советского Союза, М., 1969.

РИЧАРДСОН ФОРМУЛАСЫ — *термоэлектрон эмиссиянын* каныккан тогунун тыгыздыгын *(j)* аныктоочу туюнтма. Р. ф-н биринчи жолу англис физиги О. У. Ричардсон металлдардын классикалык электрондук теориясынын негизинде алган:

$j=CT^{1/2}exp(-b/kT)$, мында T — металлдардын темп-расы, k — Больцман туруктуулугу, b — электрондун металлдардан болуунун чыгуу жумушу, C — константа. Кийин амер. илимпоз С. Дэшман квант теориясынын негизинде Р. ф-н тактаган: $j=AT^2exp(-b/kT)$, мында A — туруктуу сан. Бул Ричардсон — Дэшман формуласы деп аталат.

РИШЕЛЬЕ Арман Жан дю Плесси (5. 9. 1585, Париж — 4. 12. 1642, ошол эле жер) — Франциянын мамл. ишмери, абсолютизмдин коргоочусу. Элеттик жарды ак сөөк. 1622-жылдан кардинал. 1624—42-ж. Людовик XIII-нүн биринчи министри, чындыгында Франциянын башкаруучусу. Абсолютизмди чыңдоо максатында *гугенотгордун* ботончо абалын, феод. ак сөөктөрдүн өзүм билемдигин жоюп, элдик көтөрүлүштөрдү баскан ж-а элеттик интенданттардын жардамы м-н өлкөнү борборлоштурууну тездеткен. Тышкы саясатында *Габсбургдардын* Европадагы үстөмдүгүнө каршы чыккан. Ал соода м-н мануфактураны, мад-тты өнүктүрүп, Француз академиясын негиздеген. Р. «Саясий мурасында» француз абсолютизминин негизги принциптерин баяндаган.

РИШТАН МИНЕРАЛДУУ СУУСУ — Ош обл-ндагы жер астынан чыккан, дарылануута жарамдуу минералдуу жылуу суу булагы. Риштан ш. т. посёлкасынан 18 *км* түш. тараптa. Суунu 1949-ж. А. П. Ромах ачып, составын Н. Н. Талапина, А. А. Кадышева аныктаган. 1960—64-ж. Кырг-н курортологиянын ж-а физиотерапия пл. ин-ту изилдеген. Суу палеоген мезгилинин тоо тектеринен түзүлгөн Риштан антиклиналындагы түркстан ярусунун аки таш тегинен булак түрүндө агып чыгат. Мындай жылуу суунy Кыргыз нефть башкармасы нефтилүү кабаттарды чалгындоодо 255—421 *м* тереңдеги алай ярусунун чопо тектеринен да тапкан. Суу субтермдүү, темп-расы 20,5°С, хим. составы б-ча хлорид-сульфид-натрий-калийлүү. Булактардын дебити 0,71 *л/сек*, бургулоо көзөнөгүнөн чыккан суунуку 4 *л/сек*га жетет. Суунун жалпы минерализациясы 2,8—4,3 *г/л*. Составында күкүрт 0,11 *г/л*, суутек 0,16 *г/л*, көмүр кычкыл газы 160 *мг/л*, иод 6,8 *мг/л*. Суу өзүнүн касиети б-ча дүйнө жүзүнө белгилүү Мацеста, Талга, Сергиев сууларынын катарына кирет. Кириндү жолу м-н тери ж-а кызыл жүгүрүк ооруларын дарылоого болот. Жерг. эл түрдүү дарттан айыгуу максатында колдонот.

Лит.: Катаева И. И. [и др.]. Подземные минеральные воды Киргизской ССР, Фр., 1969; Гидрогеология СССР, т. 40, Киргизская ССР, М., 1972.

РИШТАН ОЗОКЕРИТ КЕНИ — Ош обл-ндагы озокерит жаткан жер. Фрунзе р-нунун аймагында, Алай кырка тоосунун түн. этегинде. Кен ж-догу алгачкы геол. маалыматты 1915-ж. К. П. Калицкий берген. Кийин (1934, 1947—50, 1952) «Фергана нефть чалгындоо» трести чалгындоо жумуштарын жүргүзүп, запасын эсептеген. Кен аймагында неоген мезгилинде деңиз шартында пайда болгон чопо, кумдук, аки таш тектери жайгашкан. Алар эни 270—320 *м*, уз. 9 *км*ге чейин кендик багыты б-ча созулуп жаткан Риштан антиклиналын түзөт. Кен чопо катмарынын арасында калың. 0,3—4,2 *м* болгон 5 кумдук кабатчада топтолгон. Кумдук кабатчалардагы озокерит 5—8,4%. Кумдукту 50—60°Cге ысытып, андан 65%түү церезинди болуп алууга болот. Кен 5 *м* тереңге чейин гана изилденген; эсептелген запасы 253 миң *т*. Кен карьер түрүндө казып алууга ыңгайлуу, азырынча пайдаланылбайт.

РКП(б) [Российская Коммунистическая партия (большевиков)], Россиялык Коммунистик (большевиктер) партиясы, к. *Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы*.

РКП(б) БКнын БЮРОЛОРУ — партиянын Борб. Комитетинин жер-жерлердеги атайын өкүлдүктөрү. Алар губерниялык парт. уюмдардын айрым топторуна жетекчилик кылуу, о. эле областтардагы сов. ж-а чарба органдарынын иш-аракетин координациялоо үчүн дайындалган. БКнын обл. бюролорун түзүү зарылдыгы өлкөнүн алыскы райондорундагы парт. уюмдардын начарлыгынан, жер-жерлерде тажрыйбалуу парт. жетекчилердин жетишсиздигинен келип чыккан. БКнын обл. 8 бюросу түзүлгөн: Сибирь, Кавказ (1921-жылдан Түш.-Чыгыш ж-а Кавказ), Урал, Түркстан (1922-жылдан О. Азия), 1920-ж. Ы. Чыгыш, 1921-ж. Түн.-Батыш, 1922-ж. Кыргыз (Казак). БКнын бюролору жер-жерлерде чарб.-саясий ж-а идеол. иштерге жетекчилик кылган, өз райондорунун өзгочөлүктөрүн эске алуу м-н партиянын багытын ишке ашырган. Бюролор областтарда парт. конф-яларды, губкомдордун секретарлары м-н болум башчыларынын кеңешмесин өткөрүп, губкомдордун иштерин текшерип ж-а аларга көрсөтмөлөр берип турган; жер-жерлердеги парт. иштердин деңгээлин жогорулатууда, чарбалык ж-а сов. аппаратты чыңдоодо чоң роль ойногон. Бул милдеттердин аткарылышына жараша БКнын бюролору шайланма обл. ж-а крайлык комитеттер м-н алмашылган. Алсак, 1922-ж. февралда Закавказ крайлык комитети, 1923-ж. декабрда Урал обл. комитети, 1924-ж. май айында Сибирь ж-а Түш.-Чыгыш крайкомдору шайланган. 1925-ж. февралда БКнын Кыргыз (Казак), 1925-ж. ноябрда Ы. Чыгыш, 1924-ж. ноябрда Түш.-Батыш, 1934-ж. Орто Азия бюролору өз ишин токтоткон.

Лит.: Петухова Н. Е., Создание областных бюро ЦК РКП(б) и некоторые стороны их деятельности (1920—1922), «Вопросы истории КПСС», 1965, № 4.

РКП(б) БКнын ОРТО АЗИЯ БЮРОСУ — О. Азия респ-каларында парт. уюмдардын иш-аракетин координациялоо ж-а сов. чарб. уюмдарга жетекчилик кылуу үчүн партиянын БКсынын полномочиелүү өкүлдүгү. 1922-ж. 19-майда *РКП(б) БКнын Түркстан бюросунун* ордуна түзүлгөн. Бюронун составы 1925-ж. 17 кишиге, 1930-ж. 30га жеткен. Бюрону ар кайсы мезгилдерде К. С. Атабаев, Ю. Ахунбабаев, К. Я. *Бауман*, И. М. Варейкис, Н. Ф. Гикало, С. И. *Гусев*, П. Е. Дыбенко, И. А. *Зеленский*, А. И. Икрамов, И. И. *Межлаук*, А. Р. Рахимбаев, Я. Э. *Рудзутак*, Т. Р. *Рыскулов*, Ж. *Садаев*, Х. М. Сахатмурадов, Б. А. Семёнов, Н. Т. Торокулов, Ф. Ходжаев, Ш. Шотомер ж. б. парт. ишмерлер башкарган. Анын «Правда Востока» газетасы, «За партию», «Партработник» журналдары болгон. Бюро түзүү зарылдыгы жерг. парт. уюмдардын жаштыгынан, тажрыйбалуу парт. жетекчи кадрлардын жетишсиздигинен келип чыккан. Ал О. Азиядагы чарб., саясий ж-а идеол. иштерге жетекчилик кылып (жерг. өзгочөлүктү эске алып), партиянын улут саясатын жүзөгө ашырган. Бюро парт. конф-ялар м-н кеңешмелер өткөрүп турган, жерг. парт. уюмдардын ишин текшерип, кеңеш берген. Жерг. парт. уюмдарды идеялык, саясий ж-а уюмдаштыруу жактан чыңдоодо, чарб. ж-а сов. кадрларды даярдоодо, лениндик улут саясатын турмушка ашырууда көрүнүктүү роль ойногон. 1925-жылдан *ВКП(б) БКнын Орто Азия бюросу* деп аталган.

РКП(б) БКнын ТҮРКСТАН БЮРОСУ (Түркбюро) — РКП(б) БКнын Түркстандагы полномочиелүү өкүлдүгү (1920—22). Түркстандагы жерг. парт. уюмдарды чыңдоо максатында 1920-ж. апрелде түзүлгөн. Түркбюро Түркстанда лениндик улут саясатын жүргүзүүдө, парт. ж-а сов. аппараттарды чыңдоодо чоң роль ойногон. Түркбюрону партиянын көрүнүктүү ишмерлери С. И. Гусев, В. В. Куйбышев, В. П. Ногин, Я. Э. Рудзутак, М. В. Фрунзе ж. б. жетектеген. Ага 1921-жылдан баштап жерг. улуттун өкүлдөрү — К. С. Атабаев, А. Р. Рахимбаев, Т. Р. *Рыскулов*, Н. Т. Торокулов, Ф. Ходжаев ж. б. кирген. Бюронун (кийин Түркстан КП БКнын) органы болуп 1920-ж. декабрдан «Коммунист» журналы чыккан. Түркбюро РКП(б) БКнын жетекчилиги м-н жерг. калктын жарым пролетариат катмарын биригтирген *«Кошчу» союзун* уюштурган, партиянын биримдиги ж-дө лениндик көрсөтмого таянып, Түркстан компартиясын идеялык ж-а уюмдаштыруу жагынан чыңдоо үчүн, шовинизмге ж-а жерг. бурж. улутчулдукка каршы күрөшкөн. РКП(б) БКнын Түркбюросу Түркстан эмгекчилеринин англ.-амер. интервенцияга каршы, патриархалдык-феод. мамилелерди жоюу ж-а бүлүнгөн эл чарбасын калыбына келтирүү үчүн күрөшкө мобилизациялаган. Бухара ж-а Хорезм Сов. Эл Республикаларынын түзүлүшүнө байланыштуу, о. эле Түркстандын ж-а бул респ-лардын компартияларынын иштерин биригтирүү зарылдыгынан улам РКП(б) БКнын Түркбюросу 1922-ж. 19-майда *РКП(б) БКнын Орто Азия бюросуна* айландырылган.

«РКП(б) БКнын ТҮРКСТАНДАГЫ НЕГИЗГИ МИЛДЕТТЕРИ ЖӨНҮНДӨ» — РКП(б) БКнын Саясий бюросунун токтому. 1929-ж. 29-июнда кабыл алынган. Мында Түркстан Компартиясынын милдеттери — улуттардын арасындагы теңсиздикти, кастыкты ж-а жерг. калктардын турмушундагы патриархалдык-феод. калдыктарды жоюу деп көрсөтүлгөн. Токтомдо келгиндер өз беттеринче жерг. калктан тартып алган жерлерди кайтаруу, чарбаларды жер м-н камсыз кылуу, полициянын, соодагерлердин, жерг. улутчулдардын мурунку жан-жокорлорун Түркстандан кубалоо ж. б. милдеттер белгиленген. Токтом Түркстанда ББАК, ЭКС ж-а РКП(б) БКнын туруктуу өкүлү болушу м-н ага тышкы катнаш, тышкы соода, согуш маселелери кирет деп көрсөткөн. Коомдук ж-а чарб. жумуштун бардык иши Түркстан БАК м-н ЭКСке берилген. Токтом бардык парт. уюмдарды Түркстан Компартиясына биригтирүү зарылдыгын көрсөткөн.

РКП(б)деги СОЛЧУЛ УКЛОН, к. *«Солчул коммунисттер»*.

РКП(б) ЖАЛАЛ-АБАД ОКРУГУНУН 1-КОНФЕРЕНЦИЯСЫ 1925-жылдын 10—13-мартында Жалал-Абад ш-нда өткөн. Конф-ага 39 делегат катышкан. Күн тартибинде партиянын айыл-кыштактагы милдеттери, округдук парткомдун отчёту, аладар болумдүн доклады, жаңы агын айдоо иштеттүү ж-а округдук парт. уюмдарынын абалы ж-догу маселелер каралган.

РКП(б) ЖЕТИ-СУУ ОБЛАСТТЫК 1-СЪЕЗДИ 1919-ж. 22-февр. — 3-мартта Верный ш-нда өткөн. Съезддо областтын 8 уездинин (Верный, Пишпек, Канал, Жаркент, Түлкөк ж-а Каракол) парт. уюмдарынан 34 делегат катышкан. Күн тартиби: партиянын убактылуу обл. өкмөтүнүн отчёту, жерг. уюмдардын отчёттору ж. б. Съезддо Совет бийлигин коргоону уюштуруу, Кызыл Армияны ж-а тарыпиндоодо чыңдоо маселелерине көп көңүл бурулган. Партиянын катарына жат элементтердин кириишине байланыштуу съезд партия катарын тазартуу үчүн область б-ча партия уюмдарын кайта куруу, коммунисттердин теориялык даярдыгын көтөрүү, парт. уюмдарда жолдоштук сот түзүү зарыл деп тапкан. 9 мүчөдөн турган РКП(б) Жети-Суу обл. комитети шайланган. Съезд Жети-Суу коммунисттерин уюмдаштыруу жактан биригтирүүнү аяктап, РКП(б) обл. уюмун калыпташтырган, парт. ишти жакшыртуунун практикалык чараларын белгилеген.

РКП(б) КАРАКОЛ-НАРЫН ОКРУГДУК 1-КОНФЕРЕНЦИЯСЫ 1925-ж. 11—13-мартта Каракол ш-нда өткөн. Конф-я обл. партбюро м-н округдук комитеттердин ишин, айыл-кыштактагы парт. иштер ж-догу маселелерди талкуулаган. Делегаттар округдук парт. бюросун ишин жактырышкан. Конф-яда парт. бир катар ячейкаларда иш абалынын начардыгы, партияда кас элементтердин бар экендиги, коммунисттердин жалпы билими ж-а саясий деңгээлинин төмөндүгү, партияга кедейлер м-н батрактарды кабыл алууга жетишээрлик көңүл бөлүнбөй жаткандыгы белгиленген. Эмгекчилердин арасында, парт. айрым ячейкаларда бай-манап ж-а кулактардын таасирин жоюу эң маанилүү милдеттерден деп эсептелген. Округдук парт. конф-я парт. иштерди жакшыртуу б-ча конкреттүү чараларды белгилеген.

РКП(б) КАРА КЫРГЫЗ ОБЛАСТТЫК 1-КОНФЕРЕНЦИЯСЫ 1925-ж. 23—26-мартта Пишпек ш-нда өткөн. Ага партиянын 3524 мүчөсүнөн 116 делегат чечүүчү, 32 делегат кеңешчи добуш м-н катышкан. Күн тартиби: РКП(б) БКнын О. Азия бюросунун доклады, РКП(б) БКнын контроль комиссиясынын өкүлүнүн доклады, обл. контроддо комиссиясы м-н Жумушчы-Дыйкан Инспекциясынын милдеттери, жумушчу ж-а дыйкан аялдарын арасындагы иш ж-дө доклад ж. б. Конф-я обл. парт. бюросун жалпы ишинен багыттаган иш чараларды жактырган. Чоңдордун сабаттуулугун жокко ж-а балдарды мектепке окутуу маселесине көңүл бурун, мугалимдин ролун көтөрүү үчүн бир катар чараларды жүргүзүү, кедей ж-а орто чарбаларга салыктык алайтуу, маалыматка жеңилдик берүү, дыйкан чарбаларын жерге орноштуруу, айдоо аянтын (бөтөнчө пахта) көбөйтүү иштерин сунуш кылган. Кой өнөйкана парт. партиянын төмөнүлүтүүлөрүнүн көрсөтүп, жалпымакты уюштуруулардын катуу сынга алган. Конф-я 35 мүчө ж-а 11 мүчөлүккө кандидаттан турган обл. парт. комитетин, обл. контроль комиссиясын ж-а текшерүү комиссиясын шайлаган. Конф-я Кыргыз-да парт. уюмдун күчүлүүнү менен салым, кыргыз аймагын экономикасы м-н маданий өсүүдө чоң роль ойногон.

Ад.: Коммунистическая партия Киргизии в резолюциях и решениях съездов, конференций и пленумов обкома и ЦК, ч. 1, Фр., 1958; Кыргыз ССР тарыхы, 2-т., Фр., 1973.

РКП(б) КЫРГЫЗ ОБЛАСТТЫК 2-КОНФЕРЕНЦИЯСЫ 1925-ж. 2—4-ноябрда Пишпек ш-нда өткөн. Конф-яга партиянын 4284 мүчөсү ж-а мүчөлүгүнө кандидаттыкка 95 делегат чечүүчү, 143 делегат кеңешчи добуш м-н катышкан. Күн тартиби: РКП(б) БКнын О. Азия бюросунун доклады, обкомдун отчёту ж-а Кырг-ндын парт. уюмдарынын милдеттери, экон. өнүгүүнүн келечеги ж. б. Конф-я уюмдун парт. ички абалын баалоого ыктыктуу сын көз м-н мамиле кылган. РКП(б) обкомунун 3-пленумунун чечимдерин жактырып, обкомго уюмдагы жаатташуунун ар кандай коруңуштөрүнө чечкиндүү күрөш жүргүзүүнү улантууну тапшырган. Бир жылдык иштин жыйынтыгын талкуулап, Кыргыз АОну экон. жактан өнүктүрүүнүн жакынкы келечек планын белгилеген. Кооперация курулушунун келечеги ж-дө кеңири чечим кабыл алган. Эгин, пахта айдоо ж-а малдын санын көбөйтүү м-н бирге башка чарб. чаралардын бардыгын ушул негизде ишке ашырууну сунуш кылган. А. ч. м-н мал чарбасын стимулдаштыра турган ө. ж. тармактарын өнүктүрүүнү биринчи планга коюу м-н индустрияны өнүктүрүүнүн келечегине олуттуу көңүл бурган. Конф-я партиянын обл. комитетин, текшерүү комиссиясын, обл. контроль комиссиясын ж-а ВКП(б)нин 14-съездине 8 делегат шайлаган. Обл. экинчи парт. конф-я парт. уюмдун турмушундагы уюштуруу мезгилин негизинен аяктаган ж-а Кырг-ндын коммунисттерин кезектеги чарб. милдеттерди чечүүгө багыттаган.

РКП(б)нин БҮТКҮЛ РОССИЯЛЫК 8-КОНФЕРЕНЦИЯСЫ 1919-ж. 2—4-декабрда Москвада өткөн. Ага чечүүчү добуш м-н 45, кеңешчи добуш м-н 73 делегат катышкан. Конф-янын ишине В. И. Ленин жетекчилик кылган. Күн тартиби: БКнын саясий ж-а уюштуруу отчёту, эл аралык абал, Советтердин бүткүл россиялык 7-съездинин күн тартибинин маселелери (сов. курулуш ж-дөгү маселе), отун кризиси ж-дө ж. б.

БКнын саясий докладында В. И. Ленин эл аралык абалды талдап, гражд. согуштагы жеңиштин шарттарын белгилеген ж-а партиянын өлкөнү чыдоо б-ча эки жылдык ишинин жыйынтыгын чыгарган; мамл. чарба ж-а парт. курулуш б-ча партиянын кезектеги милдеттерин белгилеп, анын чечилиши гражд. согуштун жеңишин камсыз кыларын көрсөткөн. Конф-я Совет мамлекетинин башка өлкөлөр м-н тынчтыкта жанаша жашоо принцибин чагылдырган ленинчил рез-яны кабыл алган. Сов. курулуш ж-дөгү докладда Сов. мамл. аппараттын иш тажрыйбасы жыйынтыкталып, жерг. ж-а борб. уюмдардын өз ара карым-катнаш маселелери каралган, РСФСРдин Конституциясына толуктоолор киргизүү сунуш кылынган. Конф-я дыйкан ж-а улут маселесин чечүүдө Украинада сов. ж-а парт. уюмдардын кетирген жаңылыштыгына көңүл бурган. «Украинадагы советтик бийлик жөнүндөгү» докладында В. И. Ленин Украинада Совет бийлигин чыдоо жолун белгилеген. Конф-яда РКП(б)нин жаңы Уставы кабыл алынган. Анын негизги жоболору партиянын кийинки бардык уставдарында сакталган. Уставда демокр. централизм принциби бекемделип, парт. уюмдун структурасы аныкталган, партиянын мүчөлүгүнө кандидаттарды кабыл алуу ж-дөгү жаңы болук ж. б. жоболор киргизилген. Конф-я 1919-ж. парт. жумалыкта РКП(б)га кабыл алынган жаш коммунисттер м-н иштөө ж-дөгү маселенин да талкуулаган; соц. курулушка партиянын жаш мүчөлөрүн тартуу, парт. тартипти чыдоо, коммунисттердин саясий-идеялык деңгээлин ж-а жалпы билимин жогорулатуу б-ча конкреттүү чараларды белгилеген. Конф-я Советтердин бүткүл россиялык 7-съездине сунуш кылынуучу отун ж-дөгү рез-я долбоорун кабыл алган. Конф-я Т. В. Сапронов м-н Н. Осинскийдин партияга каршы оппортун. топторунун кыр көрсөтүүлөрүнө сокку урган. Анын чечими Советтердин бүткүл россиялык 7-съезди кабыл алган токтомдорго негиз болуп берген.

Ад.: КПСС съездердин, конференциялардын жана БКнын пленумдарынын резолюцияларында жана чечимдеринде, 1-бөлүк, Фр., 1956; История КПСС, т. 3, кн. 2, М., 1968.

РКП(б)нин БҮТКҮЛ РОССИЯЛЫК 9-КОНФЕРЕНЦИЯСЫ 1920-ж. 22—25-сентябрда Москвада өткөн. Ага 116 делегат чечүүчү, 125 делегат кеңешчи добуш м-н катышкан.

Күн тартиби: Польша коммунисттеринин өкүлүнүн доклады, БКнын саясий отчёту, БКнын уюмдаштыруу отчёту, парт. курулуштун кезектеги милдеттери, партия тарыхын окуп үйрөнүү б-ча комиссиянын доклады, Коммунисттик Интернационалдын 2-конгресси ж-дө отчёт.

В. И. Ленин конф-яда БКнын саясий отчёту б-ча доклад жасап, парт. курулуштун кезектеги милдеттери тууралуу сөз сүйлөгөн. БКнын саясий отчётунун негизи Польша м-н тынчтык түзүү ж-а Врангелдин армиясын талкалоого кам көрүү маселелери болгон. В. И. Лениндин доклады б-ча Сов. Россияны Польша м-н тынчтык түзүү варылдыгы ж-дөгү рез-я ж-а ВБАКтын Польша м-н тынчтык түзүүгө койгон конкреттүү шарттары кабыл алынган. Польша коммунисттеринин өкүлүнүн докладын угуп, конф-я орус ж-а поляк коммунисттеринин бир тилектеш экенин белгилеген. Конф-я «Партиялык курулуштун кезектеги милдеттери жөнүндөгү» рез-ясында парт. ички демократияны кеңейтүү, партия биримдигин ж-а тартибин чыңдоо, сов. ж-а чарб. мекемелерде бюрократизмге каршы күрөшүү, Советтердин ишин кеңейтүү ж-а көпчүлүк м-н байланышын чыңдоо б-ча бир катар чара белгилеген; жаш коммунисттерди тарбиялоо ишин күчөтүү ж-а жумушчулардан жаңы мүчөлөрдү тартуу зарылчылыгын көрсөткөн. Конф-я Контроль комиссиясын, о. эле губерниялык комитеттерде парт. комиссиялар түзүү зарыл деп тапкан. Ал Советтердеги профсоюздагы парт. жетекчиликке каршы чыккан «демократиялык централизм» («децисттер») аталган антипарт. топко сокку урган.

Ад.: Ленин В. П., Чыг., кырг. 1-бас., 31-т.; КПСС съездердин, конференциялардын жана БКнын пленумдарынын резолюцияларында жана чечимдеринде, 1-бөлүк, Фр., 1956.


РКП(б)нин БҮТКҮЛ РОССИЯЛЫК 10-КОНФЕРЕНЦИЯСЫ 1921-ж. 26—28-майда Москвада өткөн. Конф-я РКП(б)нин 10-съезди (1921, 8—16-март) жарыялаган *жаңы экономика саясатын* жер-жерлерде өткөрүү тажрыйбасын эске алуу керектигине байланыштуу чукул чакырылган.

Күн тартиби: экон. саясат ж-дө (ушуга байланыштуу азык-түлүк, кооперация, финансы реформасы, майда ө. ж. тууралуу маселелер өзгөчө каралган), учурдагы абалда эсерлер м-н меньшевиктердин ролу, Коммунисттик Интернационалдын 3-конгресси.


Жаңы экон. саясат тууралуу В. И. Ленин чыгып сүйлөгөн. Ал жаңы экон. саясаттын маанисин түшүндүргөн, ө. ж. менен а. ч-ны жогорулатуу ишинде мамл. ө. ж. менен а. ч-нын товар алмашуусу негизги эвено экенин көрсөткөн. В. И. Ленин ири ө. ж. базаларын сов. экономиканын карамагына өткөрүү милдеттерин да белгилеген. Конф-янын рез-ясында ө. ж. менен а. ч-нын системалуу товар алмашуусун орнотпой туруп, капитализмден социализмге өтүү мезгилинде пролетариат м-н дыйкандардын туруктуу экон. союзу болуу мүмкүн эмес деп айтылган; кооперацияны өнүктүрүү маанисин чоң экенин өзгөчө белгилеген. Конф-яда В. И. Ленин Совет респ-касынын чарб. ийгиликтери эл аралык маанисине ээ экенин айтып кеткен.

Ад.: Ленин В. И., Конференцияны ачар алдында 26-майда сүйлөнгөн сөз, Чыг., кырг. 1-бас., 32-т.; о шонуку, Азык-түлүк налогу жөнүндө 26-майда жасалган доклад, ошондо; о шонуку, Азык-түлүк налогу жөнүндөгү доклад боюнча 27-майда сүйлөнгөн корутунду сөз, ошондо; о шонуку, Жаңы экономикалык саясаттын маселелери боюнча резолюциянын долбоору, ошондо; о шонуку, Конференцияны жабуу алдында 28-майда сүйлөнгөн сөз, ошондо; КПСС съездердин, конференциялардын жана БКнын пленумдарынын резолюцияларында жана чечимдеринде, 1-бөлүк, Фр., 1956.

РКП(б)нин БҮТКҮЛ РОССИЯЛЫК 11-КОНФЕРЕНЦИЯСЫ 1921-ж. 19—22-декабрда Москвада өткөн. Ага чечүүчү добуш м-н 125, кеңешчи добуш м-н 116 делегат катышкан.



ТАЖИК ССРи



Күн тартиби: чарбаны калыбына келтирүүгө байланыштуу партиянын кезектеги милдеттери, өнөр жай, айыл чарбасы, кооперация, партияны тазалоонун алгачкы жыйынтыктары, Коммунисттик Интернационалдын маселелери.

В. И. Ленин оорулуу болгон себептүү конф-ярга катыша албай, БКнын ал жасай турган жалпы саясий доклады күн тартибинен алынган.

Конф-я *жаңы экономика саясатына* (НЭП) өтүүнүн зарылдыгын ж-а бул маселенин өз убагында коюлганын ырастаган; экон. чараларды ишке ашыруу м-н рынокту ж-а акча жүгүртүүнү жөнгө салуу ишин өз колуна алуу, Совет бийлигинин чарб. жумушуна жетекчилик кылуу РКП(б)нин негизги милдети деп көрсөткөн; туруктуу акча системасын түзүү, чыгашасыз мамл. бюджетти, кооперациянын бардык түрлөрүн өнүктүрүү м-н бирге өнөр жайды, а. ч-ны тез жөгөрулатуу зарылдыгын белгилеп, аны калыбына келтирүү жумушуна профсоюздардын активдүү катышуусун айрыкча белгилеген. Конф-яда мамл. майда ж-а орто ишканалардын жарым-жартылайын менчик ишкана эзелерине, кооперацияларга арендага берүү, ошону м-н бирге мамлекеттин колунда үстөмдүк абалды (ири ө. ж., транспорт, кредит, тышкы соода монополиясын) сактап калуу ж-а чыңдоо зарылдыгы аныкталган; партияны тазалоонун (1921) жыйынтыктары талкууланган. «Партиянын өздүк составын текшерүүнүн тажрыйбасын эске алууга байланыштуу партияны чыңдоо жөнүндөгү маселе боюнча» рез-яда партияга жаңы мүчө кабыл алууда, айрыкча жумушчу эместерге абдан катаал шарттарды коюу ж-дегү Саясий бюронун мүчөлөрүнө В. И. Ленинди жазган катындагы пикир кабыл алынган. Конф-я парт. ички демократияны кыйшаюусуз жүргүзүү, коммунисттердин теориялык деңгээлин жогорулатуу, парт. аппараттын ишин жакшыртуу, партиянын мүчөлөрүнүн активдүүлүгүн күчөтүү маселелерин өтө маанилүү деп тапкан. Сов. законду чыңдоо, ВЧКнын ишаракетин ж-а компетенциясын чектөө ишин кайра куруу милдеттери коюлган. Конф-я бирдиктүү жумушчу фронттун тактикасын жүргүзүү ж-дегү маселе б-ча Коминтерн Аткомунун тезистерин жактырган.

Ад.: Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын тарыхы, Фр., 1971; КПСС съездердин, конференциялардын жана БКнын пленумдарынын резолюцияларында жана чечимдеринде, 1-бөлүк, Фр., 1956.

РКП(б)нин БУТКҮЛ РОССИЯЛЫК 12-КОНФЕРЕНЦИЯСЫ 1922-ж. 4—7-августта Москвада өткөн. 129 делегат чечүүчү, 92 делегат кеңешчи добуш м-н катышкан.

Күн тартиби: эл аралык абал, профессиялык союздар, кооперациядагы парт. иш, антисов. партиялар ж-а агымдар, устав б-ча секциянын ишин, партия мүчөлөрүнүн материалдык абалын жакшыртуу, Коммунисттик Интернационалдын 4-конгресси ж-дө.

Оорудан улам катыша албай калган В. И. Ленинге конф-янын атынан куттуктоо жиберилген. Конф-я НЭПтин аркасы м-н эл чарбасын калыбына келтирүүдө жетишилген алгачкы ийгиликтердин шартында өткөн. Эл аралык абалда импер. мамлекеттер Совет өлкөсүнө каршы бир жактуу тануулоо ж-а ультиматум жолуна түшкөн. 1922-жылдагы Генуя ж-а Гаага конф-яларында сов. делегация ал талаптарды четке каккан. Конф-я РКП(б) БКнын эл аралык саясатын жактырып, эл чарбасын чыңдоого бүт күчтү жумшоо ж-а өлкөнүн коргонуу жөндөмүн арттыруу зарыл деп белгилеген; профсоюздар ж-дегү маселени талкуулап, профсоюзда идеялык жетекчиликти чыңдоого чакырган; кооперацияда жумушчу табынын ж-а парт. уюмдардын жетекчилик ролун жогорулатуу милдетин койгон.

«Антисоветтик партиялар жана агымдар» ж-дегү рез-яда НЭПтин биринчи жылында жандана түшкөн бурж. элементтердин опурталдуу экени көрсөтүлүп, бурж. интеллигенциянын ичинде көрүнгөн сменовеховчулук идеологияга таптык баа берилген. Конф-я НЭПти капитализмге кайтуу деп эсептеген партиялар м-н агымдарга каршы күрөштү күчөтүүгө чакырган. Совет бийлигине каршы турган партия ж-а агымдар м-н күрөпкө партияны ж-а жумушчуларды мобилизациялаган. Партиянын идеол. ишин күчөтүү, бурж. идеологияга каршы күрөш Коммунисттик партиянын жакынкы милдети деп белгилеген. Конф-я партиянын жаңы Уставын кабыл алган. Анда социалдык абалына жараша үч категория б-ча партияга кабыл алуу белгиленген. Ал партияга жумушчу ж-а эмгекчи дыйкандарды кабыл алууга шарт түзүп, калктын пролетардык эмес катмарынын өтүшүнө чек койгон.

Ад.: Всероссийская конференция РКП (б). Постановления и резолюции, М., 1922.

РКП(б)нин 13-КОНФЕРЕНЦИЯСЫ 1924-ж. 16—18-январда Москвада өткөн. Ага 128 делегат чечүүчү, 222 делегат кеңешчи добуш м-н катышкан.

Конф-я Троцкийдин партияга тануулаган дискуссиясынын жыйынтыгын чыгарган. Экон. саясаттын кезектеги милдеттери ж-дегү маселени карап, экон. кыйынчылыкты жеңүүдөгү РКП(б) БКнын жүргүзгөн саясатын жактырган, өлкөнүн ө. ж. м-н айыл чарбасын жогорулатуу б-ча чараларды белгилеген, жумушчу табынын дыйкандар м-н байланышын чыңдоо милдетинин негизинде кыштакта кооперацияны өнүктүрүү, а. ч. кредитин жайылтуу, акча реформасын өткөрүү, металлургия тармагын өнүктүрүү, ө. ж. азык-түлүктөрүнүн баасын төмөндөтүү, таар м-н кыштак байланышын чыңдоого багытталган рез-я кабыл алган. Конф-я дискуссиянын жыйынтыгы ж-а партиядагы майда бурж. багыт ж-дегү маселе б-ча троцкийчил оппозициянын антипарт. маңызын ашкерелеген. В. И. Ленинди сунушу б-ча 10-съездде кабыл алынган «Партиянын биримдиги жөнүндөгү» рез-яның 7-пунктун жарыяласын деп БКга сунуш кылган. Бул пункт БКнын кайсы гана мүчөсү болбосун парт. тартипти бузса же фракциячыл иш жүргүзсө, аны мүчөлүктөн кандидаттыкка түшүрүү, ал турсун партиядан катарынан чыгаруу б-ча БК м-н БККнын бирикken кеңешмесине укук берген. Конф-я кабыл алган «Партиялык курулуш жөнүндөгү» рез-яда парт. ички демократияны жайылтуу, элдин партияга ишеничин арттыруу, эмгекчи дыйкандарды ж-а станоктогу жумушчуларды партияга көбүрөөк алуу сунуш кылынган. «Правданы» куттуктоо рез-ясында ленинизмдин негизги идеяларын коргогон борб. органдын редакциясынын позициясын кубаттаган. Конф-я РКП(б) БКнын тышкы саясатын жактырып, Радек ж. б. оңчул оппортунисттердин капитулянтчыл багытын айыптаган.

Ад.: Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын тарыхы, Фр., 1971; КПСС съездердин, конференциялардын жана БКнын пленумдарынын резолюцияларында жана чечимдеринде, 1-бөлүк, Фр., 1956.

РКП(б)нин 14-КОНФЕРЕНЦИЯСЫ 1925-ж. 27—29-апрелде Москвада өткөн. Ага 178 делегат чечүүчү, 392 делегат кеңешчи добуш м-н катышкан.

Күн тартиби: парт. уюмдаштыруу маселеси, кооперация ж-дө, металл ө. ж. ж-дө, Коминтерн Аткомунун кеңири пленуму ж-дө, рев-ячыл закондуулук ж-дө.

Конф-ядагы башкы маселе СССРдеги социализмдин келечеги ж-дегү маселе болгон. Анда негизинен эки маселеге — ички ж-а эл аралык абалга көңүл бурулган. Батыш өлкөлөрүндө пролетариат рев-ясы жеңбесе ж-а европ. жумушчулар комок бербесе СССРде социализм куруу мүмкүн эмес деген троцкийчилердин капитулянтчыл көз карашын ашкерелеген. «Коминтердин Аткаруу Комитетинин кеңири пленумуна байланыштуу Коминтерн менен РКП(б)нин милдеттери жөнүндө» БКнын тезистери б-ча кабыл алынган конф-янын рез-ясында СССРде соц. коомду толук куруу мүмкүн ж-а өлкөдө аны чечүү үчүн зарыл шарт, болгондо да толук шарт бар деген ленинчил жобо кубатталган; СССРдин жумушчу табы ж-а эмгекчи дыйкандары өлкөдө буржуазияны жеңип, соц. коомду кура алат деген тыянак чыгарылып, капит. курчоо турганда импер. мамлекеттер СССРге каршы куралдуу интервенция жасашы ж-а капитализмди кайра калыбына келтириши мүмкүн деп көрсөтүлгөн. Социализмдин биротоло жеңишинин бирден бир гарантиясы бир катар өлкөлөрдө жеңиштүү соц. рев-я болуп саналары белгиленген. СССРде социализмди курууну ленин-

дик планына талып, конф-я чарб. курулуштун чараларын белгилеген. Партиянын айыл-кыштактагы саясатын, жумушчу ж-а дыйкандардын союзун чыңдоо, а. ч. м-н кооперацияны жайылтуу маселелери талкууланган. Металл ө. ж-н өнүктүрүү ж-дөгү чечим өлкөнү соц. индустриялаштыруунун практикалык кадамы болгон. Конф-я айыл-кыштакта парт. саясий иште жакшыртуу, айыл ячейкаларын чыңдоо чараларын белгилеген. Эмгекчилердин массалык уюмдарына парт. жетекчиликти күчөтүү максатында Советтерде, профсоюз, кооперация уюмдарында коммунисттик фракциянын ишин жандандыруу талабын койгон. Соц. закондуулукту сактоонун ж-а чыңдоонун зарылдыгы айтылган. Бир өлкөдө социализмди куруу мүмкүн деген лениндик теориянын жетекчиликке алган конф-янын чечими СССРде социализм курууну айкын программасын белгилеген.

Ад.: КПСС съездердин, конференциялардын жана БКнын пленумдарынын резолюцияларында жана чечимдеринде, 2-бөлүк, Фр., 1957; Четырнадцатая конференция Российской Коммунистической партии (большевиков). Стеногр. отчёт, М.—Л., 1925.

РКП(б)нин 7-СЪЕЗДИ чукул чакырылган 1918-ж. 6—8-мартта Петроградда өткөн. Партиянын 170 миң мүчөсүнөн 47 делегат чечүүчү, 59 делегат кеңешчи добуш м-н катышкан. Съезд чукул чакырылып, анын үстүнө Сов. Россия аймагынын бир бөлүгүн немец баскынчылары ээлеп алгандыктан бир топ уюм съездге өкүл жибере алган эмес.

Күн тартиби: БКнын отчёту, согуш ж-а тынчтык ж-дө, партиянын программасы м-н атын кайра кароо, уюмдаштыруу маселелери, БКны шайлоо. Съездге В. И. Ленин жетекчилик кылып, күн тартибиндеги негизги маселелер б-ча соз сүйлөгөн. БКнын саясий отчёту, согуш ж-а тынчтык ж-дөгү докладында эл аралык абалга ж-а ички иштерге терең талдоо берип, РКП(б) БКнын ж-а Совет өкмөтүнүн Германия м-н тынчтык келишимге кол коюу ж-дөгү чечимин негиздүү далилдеген ж-а Троцкий м-н «солчул коммунисттердин» согуш ж-а тынчтык б-ча жаңылыш, зыяндуу багытын айыптаган. Съездде согуш ж-а тынчтык ж-дөгү маселе б-ча катуу талаш-тартыш жүргөн. Н. И. Бухарин ал маселе б-ча көпчүлүк докладга чыгып, Германияга согуш ачуу керек деген авантюристтик багытты жактоого ж-а негиздөөго аракеттенген. Бул пикир М. С. Урицкий, А. С. Бубнов, Д. Б. Рязанов, Н. Осинский, Т. В. Сапронов ж. б. тарабынан колдоого алынган. В. И. Ленин коргөнүндө созүлүп «солчул коммунисттердин» ырк бузар иштери партиянын биримдигине зыян келтиргенин көрсөтүп, Троцкий м-н Бухариндин чыккынчылык саясатын ашкерелеген. Съезд согуш ж-а тынчтык ж-дө көпчүлүк добуш м-н лениничил багыттын тууралыгын ырастаган чечим кабыл алган. Съездде партиянын программасы м-н атын кайра кароо ж-дөгү маселе талкууланып, делегаттарга В. И. Ленин жазган программанын долбоорунун көл жазмасы таратылган. Партиянын жаңы программасын иштеп чыгуу үчүн В. И. Ленин башында турган комиссия шайланган. Съезд партияны Россиялык коммунисттик (большевиктер) партиясы — РКП(б) деп атоо ж-дө чечим кабыл алган. Партиянын БКсын шайлоодо «солчул коммунисттер» ырк бузарлык кылып, БКны шайлоого катышуудан баш тартканы, бирок сындан улам өз багытын өзгөрткөн. Съезд 15 мүчө ж-а 8 мүчөлүккө кандидаттан турган БКны шайлаган.

Ад.: Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 27-т.; КПСС съездердин, конференциялардын жана БКнын пленумдарынын резолюцияларында жана чечимдеринде, 1-бөлүк, Фр., 1956; Седьмой экстренный съезд РКП(б). Стеногр. отчёт, М., 1962.

РКП(б)нин 8-СЪЕЗДИ 1919-ж. 18—23-мартта Москвада өткөн. Съездге партиянын 313 766 мүчөсүнөн 301 делегат чечүүчү, 102 делегат кеңешчи добуш м-н катышкан.

Күн тартиби: РКП(б) БКнын отчёту, РКП(б)нин Программасын кабыл алуу, Коминтерндин түзүү, согуш абалы ж-а согуш саясаты, айыл-кыштактагы иш, уюштуруу маселелери, БКны шайлоо.

Съезд эң кыйын ж-а өтө татаал кырдаалда, б. а. граждөг. согуш м-н чет өлкөлүк интервенция мезгилинде өткөн. Съезддин ишине В. И. Ленин жетекчилик кылган. В. И. Ленин БКнын отчёттук докладында партиянын ички-тышкы саясатына, уюштуруу иштерине токтолуп, Совет мамлекетин чыңдоо, партиянын жаңы Программасын кабыл алуу зарылдыгын баса көрсөткөн. Съезд БКнын отчётун талкуулап, аның ишин бир добуштан кубаттаган.

Съезд РКП(б)нин экинчи Программасын кабыл алган. Бул Программадан жоноко товар өндүрүшүнө ж-а өндүрүштүк капитализмге берилген мүнөздөмө чыгарылып ташталган; Бухарин менен Пятаковдун «нагыз империализм» аталган антимаркстык тезисти жактаган ж-а элдердин өз тагдырын өзү чечүү укугуна каршы көз караштары четке кагылган. Съезд өзгөчө рез-ясында 3-Коммунисттик Интернационалдын түзүлүшүн кубаттаган. Съездде «Согуш абалы жана согуш саясаты» маселесинин талкуусу өтө курч формада өткөн. Съездде *«Согуш оппозициясы»* Кызыл Армияны уюштурууда партизандык принципти жактап, борбордошкон бекем тартипке баш ийген ж-а бирдиктүү уставы бар армияны түзүүгө ж-а мурунку адистерди пайдалануугa каршы чыккан. Съезд Троцкий жетектеген аскер ведомствосун катуу сынга алып, аның армиядагы парт. жетекчиликке кайдигер мамиле кылышына ж-а аскер ишин башкаруудагы диктатордук аракетине сокку урган. Съезд регулярдуу, темирдей бекем тартиптеги Кызыл Армияны түзүү ж-а чыңдоо маселесин чечип, аскер комиссарлары м-н парт. саясий аппараттардын сов. жоокерлерди үйрөтүү ж-а тарбиялоо ишиндеги маанилүү ролун баса көрсөткөн.

«Айыл-кыштактагы иш жөнүндөгү» жасаган докладында В. И. Ленин орто дыйканга мамиле кылууда партиянын жаңы саясатын ар тараптан негиздеп, жумушчу табы кедей дыйканга таянып, орто дыйкан м-н бекем союз түзүшү керек деп белгилеген.

Съезд уюштуруу маселеси б-ча парт. ишти уюштуруу, сов. демократияны өнүктүрүү, анда партиянын жетекчи ролун күчөтүү ж-до чечим кабыл алган. Съезд 19 мүчөдөн ж-а 8 мүчөлүккө кандидаттан турган БКны, 3 мүчөдөн турган Текшерүү комиссиясын шайлаган.

Ад.: КПСС съездердин, конференциялардын жана БКнын пленумдарынын резолюцияларында жана чечимдеринде, 1-бөлүк, Фр., 1956; Восьмой съезд РКП(б). Протоколы, М., 1959.

РКП(б)нин 9-СЪЕЗДИ 1920-ж. 29-марттан 5-апрелге чейин Москвада өткөн. Ага 553 делегат чечүүчү, 162 делегат кеңешчи добуш м-н катышкан.

Күн тартиби: БКнын отчёту, чарб. курулуштун кезектеги милдеттери, профессиялык кыймыл, уюштуруу маселелери, Коммунисттик Интернационалдын милдеттери, кооперацияга карата мамиле, милиция системасына өтүү. БКны шайлоо.

БКнын отчёттук докладында В. И. Ленин Совет мамлекетинин эки жылдан ашык убакыт ичиндеги ишин жыйынтыктап, өлкөнүн ички-тышкы абалын анализдеген. чарб. курулуштун милдеттерин белгилеп, капит. мамлекеттер м-н соц. респ-калардын тынчтыкта жанаша жашоо мүмкүндүгүн негиздеген. Съезд «Чарбалык курулуштун кезектеги милдеттери жөнүндө» чечиминде өлкөдө алдыңкы жумушчулардын иш тажрыйбасын эмгекчилердин калың катмарына жайылтуу зарылдыгын белгилеген. Ө. эле өлкөнү электрлештирүү чарб. планда негизги орун ээлеген. Съездде ө. ж-ды башкаруу ж. б. маселелер б-ча партиянын жургузган багытына Т. В. Сапронов, Н. Осинский, В. М. Смирнов баштаган антипарт. *«демократиялык централизм» тобу* («децисттер») каршы чыккан. Съезд «децисттердин» бардык сунушун айыптап, бирдиктүү башкарууну киргизүү зарылдыгын белгилеген, жумушчулардан жаңы жетекчи кадрларды даярдоо, т. ж. транспортунун ишин жакшыртуу, делегаттардын 10%ин транспортко жиберүү ж-де чечим кабыл алган. Съездде Лениндин көрсөтмөлөрүнө ылайык профсоюздардын ролу, аның Совет мамлекети ж-а партия м-н өз ара мамилеси ж-а чарб. курулушка катышуу формасы аныкталган. Кооперация ж-дөгү чечимде кооперация уюмдарына парт. жетекчиликти чыңдоо сунуш кылынган. «Уюштуруу маселеси жөнүндөгү» чечимде партия ж-а аның бардык уюмдарының иш-аракетин чарб. курулуш маселелерине буруу зарылдыгы айтылган. Съезд В. И. Лениндин чыг-ларының толук жыйынтыгын чыгаруу ж-де чечим чыгарган. Съезд 19 мүчө ж-а 12 мүчөлүккө кандидаттан турган БКны шайлаган.

Ад.: Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 30-т.; КПСС съездердин, конференциялардын жана БКнын пленумдарынын резолюцияларында жана чечимдеринде, 1-бөлүк, Фр., 1956; Девятый съезд РКП(б), Март — апрель 1920 года. Протоколы, М., 1960.

РКП(б)нин 10-СЪЕЗДИ 1921-ж. 8—16-мартта Москвада өткөн. Партиянын 732 521 мүчөсүнөн 717 делегат чечүүчү, 418 делегат кеңешчи добуш м-н катышкан.

Күн тартиби: БКнын саясий отчёту, БКнын уюмдаштыруу отчёту, контролдоо комиссиясынын отчёту, улут маселеси, парт. курулуштун маселелери, профессиялык союздар ж-а алардын өлкөнүн чарб. турмушундагы ролу, азык-түлүк чыгымын натуралай салык м-н алмаштыруу ж-дө, РКП(б)нин Коминтерндеги өкүлүнүн отчёту, партиянын биримдиги ж-а анархисттик-синдикалисттик багыт ж-дө, жетекчи органдарды шайлоо ж. б.

Съезд Сов. Россиянын согуштан тынчтык курулушка өтүү мезгилинде, бир жагынан импер. ж-а граждөг. согуштан жапа чеккен өлкөдө ө. ж. товарлары, азык-түлүк, отун жетишсиз болуп, экинчи жагынан, Кызыл Армиянын демобилизацияланышы ж-а дыйкандардын граждөг. согуш убагындагы азык-түлүк чыгымына нааразылыгы абалды ого бетер кыйындатып турган шарттарда өткөн. В. И. Ленин съездди ачарда сүйлөгөн сөзүндө ж-а РКП(б)нин саясий иши ж-до докладында партиянын согуштан кийинки капит. өлкөлөр м-н мамилесин мүнөздөп, ар түрдүү социалдык-экон. системанын тынчтыкта жанаша жашоо мүмкүнчүлүгү ж-дөгү идеяны айткан; Граждөг. согуштан кийин партиянын ж-а бүткүл өлкөнүн алдында турган оор кыйынчылыктарды көрсөтүп, өлкөнүн ичиндеги чарб. курулуштун милдеттерин, таптардын ортосундагы мамилелерди аныктаган. Съезд *согуш коммунизми* саясатынан өлкөдө социализмди курууга негизделген жаңы экон. саясатка (НЭП) өтүү ж-де маанилүү чечим кабыл алган. Жаңы экон. саясат пролетариат м-н дыйкандар союзун бекемдөө, Совет мамлекетин чыңдоо, өлкөнү соц. багытта өнүктүрүү, СССРде социализмди куруу максатын көздөгөн. Ленин тарабынан негизделген жаңы экон. саясат эл аралык маанеге ээ болгон.

«Улут маселесиндеги партиянын кезектеги милдеттери» деген рез-ясында съезд бул маселе б-ча партиянын саясатына кеңирн мүнөздөмө берген; ал эми профсоюздар ж-дө дискуссияны жыйынтыктап, троцкийчилердин, «жумушчу оппозициясынын», «децисттердин» көз карашын айыптаган ж-а көпчүлүк добуш м-н «Профсоюздардын ролу жана милдеттери жөнүндө» рез-я кабыл алган. Парт. курулуш б-ча съезд парт. ички демократияны өнүктүрүүгө, партиянын катарын сапат жагынан чыңдоого, бардык партиянын мүчөлөрүн тарбиялоого, алардын аң-сезимдүүлүгүн, саясий активдүүлүгүн көтөрүүгө багытталган чечим кабыл алган. Съезд РКП(б) БКга партияны тазалоо б-ча көрсөтмө берген. Партиянын биримдиги ж-а анархисттик-синдикалисттик багыт ж-дө Лениндин доклады б-ча съезд «жумушчу оппозициясы» ж. б. фракциячыл топтордун антипарт. көз караштарын айыптап, «Партиянын биримдиги жөнүндө» атайын рез-я кабыл алган. Анда фракциячылыктын зыяндуулугу ж-а аны кайсы гана түрүнө болбосун жол бербөө зарылдыгы көрсөтүлгөн.

Съезд партияны чыңдоо ж-а мамл. аппараттын ишин жакшыртуу үчүн Борб. контроль комиссиясын (БКК) ж-а жерг. партиялык контроль комиссиясын түзүү комитетиндеги РКП(б)нин делегациясынын ишмердигин жактырган. Съезд Ленин башында болгон 25 мүчө, 15 мүчөлүккө кандидаттан турган РКП(б) БКны, 7 мүчөдөн ж-а 3 мүчөлүккө кандидаттан турган Борб. контроль комиссиясын (БКК) шайлаган.

Ад.: Ленин В. И., РКП(б)нин X съезди. 8—16-март 1921-жыл, Чыг., кырг. 1-бас., 32-т.; КПСС съездердин, конференциялардын жана БКнын пленумдарынын резолюцияларында жана чечимдеринде, 1-бөлүк, Фр., 1956.

РКП(б)нин 11-СЪЕЗДИ 1922-ж. 27-мартан 2-апрелге чейин Москвада өткөн. Партиянын 532 миң мүчөсүнөн 522 делегат чечүүчү, 165 делегат кеңешчи добуш м-н катышкан.

Күн тартиби: БКнын саясий отчёту, БКнын уюмдаштыруу отчёту, Текшерүү комиссиясынын отчёту, БККнын отчёту, РКП(б)нин Коминтерндеги делегациясынын отчёту, профсоюздар, Кызыл Армия ж-де ж. б.

Съезд жаңы экон. саясаттын биринчи жылын жыйынтыктап, ал саясаттын тууралыгын ырастаган ийгиликтерди белгилеген. В. И. Ленин БКнын саясий отчётунда чегинүүнүн бүткөнүн жарыялап, эми капит. элементтерге чечкиндүү чабуул коюу зарылдыгын айткан; ал эми өзүнүн корутунду сөзүндө жаңы экон. саясаттын мааниси ж-а формалары ж-дөгү маселелер б-ча партиянын багытына карлелер б-ча партиянын багытына карлелер б-ча партиянын багытына карл

ти күчотүү зарылдыгын баса белгилеген; партияны мамлекетке, мамлекетти жумушчу табына каршы коюуга, партиянын жетекчи ролун начарлатууга ниеттенишкен Троцкий, Зиновьев, Преображенский, Осинский, Ларин ж. б-дын аракеттерин четке каккан. Ө. ж. б-ча кабыл алган чечимде соц. курулуштун негизи болгон оор индустрияны онүктүрүү гана пролетариат диктатурасын чыңдай алат деп көрсөткөн. Мындан башка «Кыштактагы салык саясаты жөнүндө», «РКП(б) нин кыштактагы иши жөнүндө» чечимдерди кабыл алган. Съезд улут маселесине негизги көңүл буруп, кабыл алган рез-ясында Совет мамлекетинин ыктыярдуу союзун—СССРди түзүү б-ча В. И. Ленин-дин идеяларын конкреттештирген. СССРде улут маселесинин туура чечилиши колониализмге ж-а империализмге каршы күрөшүн жаткан колон. ж-а жарым колон. өлкөлөрдөгү улуттук-бошт. кыймыл үчүн шыктандыруучу үлгү экени белгиленген. Съезд Совет өлкөсүндөгү элдердин эскинин залдарынан калган чарб. ж-а маданий жактан бир кылкасыздыкты жоюуга, улуу орус шовинизмине ж-а жерг. улутчулдукка каршы чечкиндүү күрөш жүргүзүүгө партияны чакырган. Съезд РКП(б) нин жаштар ж-а аялдар арасындагы иштерине да зор көңүл бурган. Уюштуруу маселеси б-ча чечиминде *Пстпарттын* ишинин маанисин өзгөчө белгилеген. Составы 40 мүчөдөн турган БКны ж-а 50 мүчөдөн турган БККны шайлаган.

Ад.: Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын тарыхы, Фр., 1971; Двенадцатый съезд РКП(б). Стеногр. отчёт, М., 1968.

РКП(б) нин 13-СЪЕЗДИ 1924-ж. 23—31-майда Москвада өткөн. Ага 748 делегат чечүүчү, 416 делегат кеңешчи добуш м-н катышкан.

Күн тартиби: БКнын саясий ж-а уюмдаштыруу отчёту, БККнын отчёту, РКП(б) нин Коминтерндин Аткомундагы өкүлүнүн отчёту, ички соода ж-а кооперация ж-дө, кыштактагы иш ж-дө, жаштар арасында иштөө ж-дө, парт. уюмдаштыруу маселелери ж. б.

Съезд соц. өнөр жай м-н а. ч. ортосунда байланышты күчөтүү, жумушчу табы м-н дыйкан союзун чыңдоо маселелерине зор көңүл бурган. Металлургияны жогорулатуу б-ча чечим кабыл алган. БКга СССРдин электрлештирүү ишине чоң көңүл буруу тапшырылган. Съезд ички соода, кооперация, кыштактагы иш б-ча рез-ялырында соц. өнөр жай м-н а. ч. ортосундагы экон. байланышты чыңдоого, мамл. соода м-н кооперацияны өнүктүрүүгө багытталган чараларды белгилеген, дыйкандарды кооперациялаштыруу милдетин койгон. «Жаштар арасында жумуш тууралуу» рез-ясында жаңы оспурумдөргө коммунисттик тарбия берүүнүн маанисн көрсөтүлгөн. Съезд партиянын идеол. ишин күчөтүүгө, партиянын жаңы мүчөлөрүн тарбиялоого парт. уюмдардын көңүлүн бурган. Мамл. аппаратты жакшыртуу маселеси талкууланып, «Контроль комиссиясынын иши тууралуу» рез-я кабыл алган. Съезд РКП(б) нин 13-конф-ясынын рез-ляларын туура деп таап, троцкийчил оппозиция платформасын бир добуштан айыптаган. Делегаттар В. И. Ленинди 1922-ж. декабрдын аягы — 1923-ж. январда жазган «Съездге каты» м-н таанышкан. Съезд К. Маркс м-н Ф. Энгельстин ж-а В. И. Ленинди толук чыгармалар жыйнагын чыгарууну БКга тапшырган. Ленинди сунушун эске алып, партиянын башкы органдарынын мүчөлөрүнүн санын көбөйткөн. Составы 53 мүчөдөн ж-а 34 мүчөлүккө кандидаттан турган БКны, 151 мүчөдөн турган БККны ж-а 3 мүчөдөн турган Борб. текшерүү комиссиясын шайлаган.

Ад.: Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын тарыхы, Фр., 1971; Тринадцатый съезд РКП(б). Стеногр. отчёт, М., 1963.

РКП(б) нин МУСУЛМАН УЮМДАРЫНЫН БОРБОРДУК БЮРОСУ — Волга бою м-н Кавказдан ж-а Россиянын башка жерлеринен келген делегаттардын катышуусу м-н 1918-ж. ноябрда Москвада коммунист мусулмандардын 1-съездинде түзүлгөн жетекчи орган. Съезд эмгекчи мусулмандардын арасындагы коммунисттик кыймылды бүткүл россиялык коммунисттик кыймылга каршы койгон улутчул элементтерге чечкиндүү сокку урган. РКП(б) БКга каралтуу мусулман уюмдарынын Борб. бюросу түзүлгөн. Жер-жерлерде РКП(б) БКнын мусулман бюролору ж-а секциялары түзүлгөн. 1919-ж. мартган «Чыгыш элдеринин коммунисттик уюмдарынын Борбордук бюросу», 1920-ж. январдан «Түрк элдеринин Борбордук бюросу» деп аталган. Ал 1921-ж. май айында РКП(б) БКнын Уюштуруу бюросунун чечими м-н жоюлган. Мусулман коммунисттик уюмдарынын Борб. бюросу аркылуу РКП(б) Чыгыш элдеринин партияда жок эмгекчилеринин ж-а коммунисттеринин арасында зор иштер жүргүзгөн.

Ад.: История Коммунистических организаций Средней Азии. Таш., 1967.

РКП(б) ПИШПЕК ОКРУГДУК 1-КОНФЕРЕНЦИЯСЫ 1925-ж. 11—14-мартта Беловодский кыш-нда өткөн. Конф-яга 60 делегат чечүүчү, 11 делегат кеңешчи добуш м-н катышкан. Конф-я РКП(б) нин Кара кыргыз обкомунун, РКП(б) нин округдук парткомунун иштери тууралында отчёт угкан ж-а бир катар маанилүү маселелерди караган. Округдук парт. бюронун иши негизинен жактырылган, бирок дагы эле ячейкалардын абалы начар экени, партиянын катарына кас элементтердин кириши, коммунисттердин саясий деңгээлинин төмөндүгү, партияга кедейлерди кабыл алууга жетишерлик көңүл бөлүнбөгөндүгү белгиленген. Ушуга байланыштуу бүрж. улутчулдукка ж-а жаатчылыкка каршы күрөштү күчөтүүнү, парт. ячейканын ж-а эмгекчилердин арасында бай-манаптардын, кулактардын таасирин жоюуну маанилүү милдеттердин бири катары койгон. Конф-я округдук партбюрону, текшерүү комиссиясын шайлаган.

РКП(б) СЫР-ДАРЫЯ ОБЛАСТТЫК 1-СЪЕЗДИ 1920-ж. 13—16-августта Чымкент ш-нда өткөн. Анда Туркомиссиянын пред-ли В. В. Куйбышев *«РКП(б) БКнын Туркстандагы негизги милдеттери жөнүндө»* доклад жасаган. Доклад б-ча кабыл алынган рез-яда Компартияны эки милдети — мурунку колониялыктын залдарын, патриархалдык-феод. катнаштарды жоюу тез ишке ашырылышы тийиш деп көрсөтүлгөн. Съезд парт. уюмдар м-н сов. мекемелерди жат элементтерден тазартуу зарыл деп тапкан.

Ад.: Под знаменем ленинских идей, А.-А., 1973, с. 257—58.

РКП(б) УЕЗДДИК-ШААРДЫК КОНФЕРЕНЦИЯЛАРЫ Кыргызстандагы. РКП(б) Пишпек уезддик-шаардык 1-парт. конф-ясы 1918-ж. 1—3-декабрда Пишпек ш-нда өткөн. Анда жер-жерлерден келген делегаттардын доклады угулган, уездде солчул эсерлердин уюмун жоюу ж-дөгү уездик-шаардык комитеттин чечими бекитилген, жер маселеси, парт. контроль ж-дө, В. Петровскийдин бийликти натуура пайдалангандыгы ж. б. маселелер каралган, РКП(б) крайлык съездине делегаттар шайланган. РКП(б) Пржевальск уезддик-шаардык 1-парт. конф-ясы 1920-ж. 6—9-июнда Пржевальск ш-нда өткөн. Анда уезддик-шаардык комитеттин отчёту, жер-жерлерден келген делегаттардын доклады, учурдагы абал, чарбадагы бүлүнчүлүктөр ж-а буга байланыштуу партиянын милдеттери, парт. курулуш ж-дө, улут маселеси б-ча Түркстандагы сов. бийликтердин милдеттери тууралында, шайлоо ж. б. маселелер каралган. Составы 7 мүчө, 3 мүчөлүккө кандидаттан турган уезддик парт. комитет ж-а партиянын 1-обл. съездине 4 делегат чечүүчү, 2 делегат кеңешчи добуш м-н шайланган. РКП(б) Токмок уезддик-шаардык 1-парт. конф-я 1919-ж. 17—21-январда Токмок ш-нда өткөн. Анда аракечтикке, контррев-ячыларга каршы күрөш чаралары, мал чарбасы ж. б. маселелер каралып, уезддин чарба ж-а эмгек бөлүмү башчыларынын доклады, жер реформасы ж-дөгү доклад талкууланган. РКП(б) Нарын уезддик-шаардык 1-парт. конф-ясы 1919-ж. 15—19-майда Нарын ш-нда өткөн. Конф-яда мусулмандар арасында маданий-агартуу иштеринин өнүктүрүлүшү, жерди социалдаштыруу закондору м-н тааныштыруу, Компартиянын Верный облаткомуна Нарын парт. уюмунан өкүл ж-а жетекчи органдарды шайлоо ж. б. маселелер каралган. Составы 3 мүчө, 2 кандидаттан турган уезддик-шаардык парт. комитет шайланган. РКП(б) Ош уезддик-шаардык 1-парт. конф-ясы 1920-ж. 28-февралдан 1-мартка чейин Ош ш-нда өткөн. Составы 5 мүчө, 2 мүчөлүккө кандидаттан турган уезддик-шаардык парт. комитет (пред-ли Санжар *Касымбеков)* шайланган.

РКСМ (Российский Коммунистический Союз Молодёжи), Россиялык Коммунисттик Жаштар Союзу, к. *Буткул Союздук Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзу.*

РКСМ ЖЕТИ-СУУ ОБЛАСТТЫК СЪЕЗДДЕРИ. РКСМ Жети-Суу обл. 1-съезди 1920-ж. 19—23-апрелде Верный ш-нда өткөн. Ага 43 делегат катышкан. Съезд учурдагы абал, саясий иш, кыз-келиндер арасында иштөө, физ-ра ж-а спорт, Кызыл Армия ж. б. маселелерди талкуулаган. Съезд казак, кыргыз ж. б. улуттардын жаштарын уюмдаштырууга өзгөчө көңүл бурган. «Кызыл Армия жөнүндөгү» рез-яда комсомолдун алдыңкы күчтөрү Кызыл Армиянын катарына жиберилиши керек деп жазылган. Делегаттар колониялыктын залдары м-н күрөшүүнү, жаш муундардын интернационалдык сезимин өстүрүүнү бир добуштан жактырган. Съезд В. И. Ленинге куттуктоо телеграмма жиберген, РКСМ обл. комитетин шайлаган. Съезд Жети-Суу обл. комсомол уюмунун калыптануусун аяктаган. Түркстан Коммунисттик Жаштар Союзунун (ТКЖС) Жети-Суу обл. 2-съезди 1921-ж. 11—16-июнда Алматы ш-нда өткөн. Ага 124 делегат катышкан. Съездде учурдагы абал ж-а жаштардын милдети, аскерге чакырылганга чейинки даярдык, көчмөн жаштар, кыз-келиндер арасындагы иш ж. б. маселелер каралып, обл. комитет шайланган. 1923-ж. 2—5-февралда Алматы ш-нда ТКЖС Жети-Суу обл. 3-съезди, 12—15-июнда 4-съезди болуп өткөн. Съезддерде жаңы экон. саясат шартында Жети-Суу комсомолунун уюмдаштыруу ж-а тарбия иши, флотту шефке алуу ж. б. маселелер каралган. ТКЖС Жети-Суу обл. 5-съезди 1924-ж. 30-апрелде Алматы ш-нда өткөн. Анда ТКЖСтин отчёту, айылкыштактагы иштер, обл. шефкомдун отчёту, тарбия иши ж. б. маселелер каралган.

РКСМ КЫРГЫЗ ОБЛАСТТЫК 1-УЮМДАШТЫРУУ СЪЕЗДИ 1925-ж. 25-майдан 1-июнга чейин Пишпек ш-нда өткөн. Съездге комсомолдун 8507 мүчөсүнөн 102 делегат катышкан. Күн тартиби: Кыргыз комсомол уюмун Тверь комсомол уюмунун шефке алышы, областтагы абал ж-а партиянын милдеттери, РКСМ БКнын О. Азия бюросунун доклады, уюштуруу бюросунун отчёту ж-а уюмдун кезектеги милдеттери, тарбия иштеринин кезектеги милдеттери, обл. комитетти шайлоо ж. б. Съезд Тверь губ-лык комсомол уюму Кырг-н комсомолун шефке алгандыгын белгилеген, комсомол жаштардын ж-а активдердин, айрыкча жерг. улуттун улан-кыздарынын катарын өстүрүгө, айыл-кыштактагы комсомол ячейкаларынын ишин өркүндөтүүнүн зарылдыгына, кедей дыйкандарга кооперациянын артыкчылыгын түшүндүрүү ишине көңүл бурган. Кабыл алынган рез-яларда комсомол кадрларын чыңдоо ж-а өстүрүү, алардын активдүүлүгүн жогорулатуу, парт. ядрону ж-а партия м-н тыгыз байланышты чыңдоо, жаштар арасындагы коомдук саясий, тарбиялык иштерге жетекчиликти күчөтүү Кырг-н комсомолунун кезектеги милдеттери деп көрсөткөн. Съезд обл. комсомол уюмунун түзүлгөндүгүн жарыялаган. Кырг-ндын аймагындагы бардык комсомол уюмдарын бириктирип, составы 23 мүчөдөн ж-а 7 мүчөлүккө кандидаттан турган обл. комитетти түзгөн.

Ад.: Кыргызстандын Лениндик комсомолунун каарман жолу, Фр., 1967; Табышалиев С. Т., Боевой помощник партии, Фр., 1969; его же, Страницы истории комсомола Киргизии, Фр., 1960.

РКСМ ТҮРКСТАН КРАЙЛЫК СЪЕЗДДЕРИ. РКСМ Түркстан крайлык 1-съезди 1920-ж. 21—25-январда Ташкен ш-нда өткөн. Ага 120 делегат катышкан. Съезд Крайлык бюронун учурдагы абал ж-дөгү ж-а жерлерден келген делегаттардын докладын, уюмдаштыруу маселелерин, маданий-агартуу, айылдарда иштөө ж. б. маселелерди талкуулаган. Бардык маселелер б-ча съезд рез-я кабыл алган. Учурдагы абал ж-дөгү рез-яда «Түркстан крайындагы мусулман ж-а орус калкынын ортосундагы улуттук кастыкты жоюу» башкы милдеттердин бири деп эсептелген. Съезд бул же тигил улуттун жаштары арасында иштөө үчүн комсомол уюмдарына улуттук комиссиялары, бөлүмдөрдү түзүүнү сунуш кылган. Делегаттар В. И. Ленинге ардактуу пред-ль болуп шайланган-дыгы ж-дө билдирүү кат жиберишкен. РКСМдин Уставын кабыл алган, крайлык комитетти шайлаган. Съезд Түркстан респ-касында жаңы этапты — коммунисттик жаштар кыймылын баштаган. РКСМ Түркстан крайлык 2-съезди 1920-ж. 29-декабрдан 1921-ж. 3-январына чейин Ташкен ш-нда өткөн. Ага 192 делегат катышкан. Съезд респ-канын аскер-чарб. абалы ж-дө, эл чарбасын калыбына келтирүүгө жаштардын катышуусу, жаштар арасындагы маданий-агартуу иштер, азык-түлүк отряддарындагы иштер ж. б. маселелерди талкуулаган. Съезд респ-канын комсомол мүчөлөрүн кайра каттоо ж-дө чечим кабыл алган. РКСМ крайлык комитетинин ордуна ТКЖС (Түркстан Коммунисттик жаштар союзу) БКны шайлаган.

РКСМ УЕЗДДИК КОМИТЕТТЕРИ Кыргызстандагы. Партиянын уезддик-шаардык комитеттеринин жетекчилиги м-н Кырг-н комсомолунун уезддик-шаардык комитеттери 1920-жылдын башында Пишпекте, Пржевальскиде, жылдын ортосунда Нарында, ноябрда Ошто түзүлгөн. Уездик комитет уюмдаштыруу-инструктордук, билдирүү-статистикалык, аскер-спорттук, экономика-укук ж. б. бөлүмдөрдөн турган. 1920-жылдын башында жерг. жаштардын арасында уюмдаштыруу иштери үчүн Пишпек ж-а Пржевальск у-дик комитеттерине караштуу мусулман бюролору, тоолуу райондогору кыргыз жаштарын комсомолго тартуу максатында 1922-ж. Ошто, дунган ж-а уйгур жаштарынын арасында иштөө үчүн 1923-ж. Пишпекте, Караколдо бюро түзүлгөн. 1924-жылдын декабрында РЛКСМдын уюштуруу бюросунун чечими б-ча комсомолдун уездик-шаардык комитеттери таркатылып, аның негизинде окружкомдор түзүлгөн.

РКСМ УЕЗДДИК СЪЕЗДДЕРИ Кыргызстандагы. 1920-ж. 28-июль — 2-августта Пишпек у-нин 1-уюмдаштыруу съезди Пишпек ш-нда өткөн. Ага 700 мүчөсү бар 28 комсомол уюмунан 42 делегат катышкан. Съездде «эмгек фронтундагы күрөш» башкы милдеттерден деп таанылган. Учурдагы абал, уюмдаштыруу ж. б. маселелер б-ча рез-ялар кабыл алынып, РКСМдин уездик комитети шайланган. Ушул эле мезгилде Анжиян ш-нда Ош ж-а Анжиян комсомолдорунун бирдиктүү 1-съезди болгон. 1920-ж. 1—2-декабрда Ош у-нин комсомолдорунун 1-съезди Ош ш-нда өткөн. Ага 250 комсомол мүчөсүнөн 30 делегат катышкан. Съезд РКСМдин 3-съездинин чечимдерин колдогон, жаштарды басмачыларга каршы активдүү күрөшкө чакырган, уюмдаштыруу ж. б. маселелерди караган. 1921-ж. январдын башында Каракол ш-нда Каракол у-нин комсомолдорунун 1-съезди болгон. Нарын у-нин комсомолдорунун 1-съезди 1921-ж. 2—5-майда Нарын ш-нда өткөн. Ага 900 мүчөсү бар 27 уюмдан 38 делегат катышкан. Съездде комсомолдун ж-а партиянын уезддик-шаардык комитетинин секретары, уездик аскер комиссары ж. б. чыгып сүйлөшкөн. Делегаттар патриархалдык-уруу калдыктары м-н күрөшүү, батрак-кедей жаштарды бай-манаптын эзүүсүнөн бошотуу, кыргыз аялдарын азаттыкка чыгаруу ж. б. маселелерди талкуулашкан. Уездком ж-а Түркстан коммунисттик жаштар союзунун Жети-Суу обл. 2-съездине делегаттар шайланган. Съезд Кырг-ндын уездик комсомол уюмдарынын калыптанышынын алктаганын белгилеген. 1921-ж. 4-майда Ош у-нин комсомол жаштарынын 2-съезди ачылып, ага 23 делегат катышкан. Съездде уюмдаштыруу, басмачыларга каршы күрөшүү ж. б. маселелер талкууланган. Каракол у-нин комсомолдорунун 2-съезди



М. Робеспьер.



П. Робсон.

Каракол ш-нда 1921-ж. 16—20-июлда болуп, анда уездкомдун отчёту угулуп, саясий-агартуу иши, кочмон жаштар, кыз-келиндер м-н иштөө, 3-крайлык съездге делегаттарды шайлоо ж. б. маселелер талкууланган. Ушул эле жылдын 7—9-декабрында Ош ш-нда уезддик комсомолдорунун 3-съезди болгон. 1922-ж. Кырг-ндын уезддеринде комсомолдун 3-съезди (Пишпекте, Караколдо, Нарында) болуп өткөн. Съезддерде «Союз жаңы шартта жана аның НЭПке байланыштуу милдеттери» орчундуу маселе болгон. 1923-ж. сентябрда Нарын, Ош, Пишпек у-дериндө комсомолдун 4-съезди болгон. Анда уюмдаштыруу, чарб. ж. б. маселелер талкууланган. 1924-ж. апр.—майда комсомолдун Нарын, Каракол, Пишпек, Ош у-дериндө 5-съезди болгон. Алар В. И. Ленинди осуяттарын турмушка ашыруу ураану астында өткөн. Уезддик съезддер обл. комсомол уюмун түзүүдө чоң роль ойногон.

Ад.: Токтогулов А., Кыргызстан комсомолунун күжүрмөн жолу, Фр., 1968.

РЛКСМ (Российский Ленинский Коммунистический Союз Молодёжи), Россиялык Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзу, к. *Буткул Союздук Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзу.*

РОБЕСПЬЕР Максимильен Мари Изидор де (6. 5. 1758, Аррас—28. 7. 1794, Париж) — *Улуу француз революциясынын* ишмери. Адвокаттын үй-бүлөсүнөн. Кесиби б-ча адвокат. Ж. Ж. Руссонун шакирти. 1783-ж. Аррас илимдер ж-а көк-во академиясынын мүчөсү. Р. элдин мүдөөсүн, демократияны жактап, депутаттар чогулушу аркылуу массаны эл бийлиги, саясий теңдик үчүн күрөшкө чакырган. 1790-жылдан демокр. чөйрөдө кеңири таанылып, Якобичил ж. б. саясий клубдардын колдоосуна жетишкен. Ж. П. *Марат* м-н бирге жирондисттерге каршы активдүү күрөшүп, мурдагы королду дарга астырган. Жирондисттер бийлигин кулатканан элдик көтөрүлүштүн (1793, 31-май — 2-июнь) саясий жетекчилеринин бири болгон. Бийликке келген якобичилердин рев-ячыл демокр. диктатурасын (Коомдук куткаруу комитетин) негиздеп, аны башкарган. Аның жетекчилиги м-н өкмөт эл массасын ички ж-а тышкы контррев-яга, феод. мамилелерге каршы күрөшкө багыттаган. Р-дин көз карашынын чектелгендиги ал жетектеген якобичилердин ортосундагы карама-каршылыктын курчушуна жол берген. Контррев-ячыл термидор (1794, 27—28-июль) төңкөрүшүндө якобичилер диктатурасы кулап, Р. ж-а аның шакирттери камакка алынып, өлтүрүлгөн.

Ад.: Лукин Н. М., Робеспьер, 2 изд., М.—Л., 1924.

РОБОТ (чехче robot, robota — эрксиз эмгек, rob — кул) — айлана-чөйрө м-н өз ара аракеттенгенде жарым-жартылай же толугу м-н адам сыяктуу кыймылдап аракеттенгич машина. Р-тун үч түрү бар: а) иш аракетинин программасы өзгөрүлбөс, б) адам-оператор м-н башкарылма, в) адамдын кийлигишүүсүз максаттуу («акыл м-н») иштөөчү жасалма интеллекттүү Р. Азыр колдонулуп жүргөн Р-тун көпчүлүгү Р.-манипулятор деп аталат. Ал негизги 3 блоктон — кабыл алуу ж-а аткаруу механизмдери, башкаруу блокторунан турат (к. сүрөт). Р-тун кыймылын оператор башкарат. Бирок, Р-ту түзөндө бүтүн бойдон адамды тууроо максаты эмес, көз бир татаал ж-а бир өңчөй операцияларды адамдан жакшы аткарууга мүмкүнчүлүгү бар системаны түзүү максаты коюлат. Р. адамдан күчтүү болушу, берилген операцияларды адамдан ылдамыраак аткарышы ж-а аны колдонуу экон. жактан пайдалуу болушу керек. Ал ыяндуу же адам бара алгыс шарттарда иштей алат.



Интеллектуалдуу робот — автоматтык өзү жүрүүч аппарат; ЭЭМ м-н информация алмашуу радио б-ча болот: *1* — антенна; *2* — аралык өлчөгүч; *3* — телекамера; *4* — телекамера м-н башкаруу блогу; *5* — билдиргич; *6* — багыттагыч доңголок; *7* — кыймыл берүүчү кыймылдаткыч; *8* — жетелегич доңголок.

РОБСОН Поль (9. 4. 1898, Принстон, АКШ — 23. 1. 1976, Филадельфия) — амер. ырчы (бас), драма актёру, коомдук ишмер. Кедей негр үй-бүлөсүнөн. Нью-Йорктогу Колумбия университин укук ф-тетин бүткөн. Драма актёру катары эң көрүнүктүү ролу— Отелло (1930, «Савой» театры, Лондон). 1925-жылдан негр эл ырларын аткарган. 1926—28-ж. Европа өлкөлөрүндө концерт бергенден кийин дүйн. атакка жетишкен. Р-дун үнү — кооз тембрлүү жумшак бас, диапазону кенен. Репертуарында (20 тилде ырдаган) негр ж-а амер. эл ырлары, испан ж-а немец антифаш. ырлары, СССР элдеринин ырлары ж. б. болгон. Киподо 1933-жылдан тартыла баштаган. Тынчтыктын Бүткүл дүйн. советинин мүчөсү; Москва консерваториясынын ардактуу проф. (1958). Тынчтыктын эл аралык сыйл. (1950), «Элдер ортосунда тынчтыкты чыңдаганы үчүн» Эл аралык Лениндик сыйл. (1953) лауреаты.

Чыг.: в рус. пер.—На том я стою, М., 1958.

Ад.: Кудров К., Певец борьбы, певец свободы, «Советская культура», 1973, 6 апр.

РОВНО — шаар, УССРдеги Ровно облыны борбору. Автомобиль ж-а т. ж. тоому. Калкы 179 миң (1979). Машина куруу ж-а металл иштетүү ө-дөру (жог. вольттуу аппаратуралар, тракторго запас бөлүктөр ж. б.), химия, жеңил ж-а тамак-аш ө. ж. ишканалары иштейт. Мебель ж-а курулуш материалын чыгарат. Шаарда мед., суу чарба инженер ин-ттары, Киев мамл. мад-т ин-тунун маданий-агартуу ф-тети, 5 техникум, муз. окуу жайы, Сов. Союз. Баатыры Н. И. Кузнецовдун музейи, муз.-драма театры, арх-ра эстеликтери бар. Р. 1282-жылдан белгилүү.

РОВНО ОБЛАСТЫ УССРде. 1939-ж. 4-декабрда уюшулган. Украинанын түн.-батышында. Аянты 20,1 миң *км*². Калкы 1121 миң (1979). 15 район, 9 шаар, 16 ш. т. посёлка бар. Борбору— Ровно ш. Область Ленин ордени м-н сыйланган (1967).

Жери адыр-күдүрлүү түздүк. Түндүгүндө *Полесье ойдуңу*, түштүгүндө Волынь дөңсөөсүнүн чыгыш бөлүгү жатат. Климаты мелүүн континенттик. Январдын орт. темп-расы —3,8°С, июлдуку 18,5°С. Жылдык жаан-чачыны 560—620 *мм*. Негизги дарыялары— Припять ж-а аның куймалары: Горынь, Стырь, Ствига. Кыртышы түштүгүндө кара, боз күлдүү, түндүгү чымдуу күл ж-а саз топуraктуу. Аймагынын 34% токой (карагай, эмен, граб, кайың ж. б.). Айбанаттары: карышкыр, түлкү, бугу, доңуз, кашкулак, тыйын чычкан ж. б. Сууларында балык көп.

Калкынын 93,5% украин, 4,3% орус, 1,3% белорус (1970). Орт. кышт. 1 *км*² жерге 54,3 киши (1979). Шаар калкы 36%. Чоң шаарлары: Ровно, Дубно, Здолбунов, Костополь, Сарны. Р. о.— экономикасы өнүккөн область. Тамак-аш (6 кант, 2 спирт, 8 жашылча кургатуучу ж-а консервалоочу ишкана, эт комбинаты), токой, жыгач иштетүү ж-а кагаз (Сарны, Дубно, Острог, Костополь) ө. ж. ишканалары алдыңкы орунда. Негизги тамак-аш ө. ж. ишканалары Ровно, Мизоч, Шпановск, Бабино-Томаховск, Корецк, Дубно, Острог, Червоноармейск ж. б. шаарларда. Жеңил ө. ж. 2-орунда. Текстиль (ири зыгыр комбинаты ж. б.), тигүү, трикотаж, бут кийим, машина куруу ж-а металл иштетүү ө. ж. (трактордун запас бөлүктөрү, а. ч. машина, жог. вольттуу аппарат, түрдүү станок) ишканалары Ровно, Дубно ж. б. шаарларда. Курулуш материалдар ө. ж. өнүгүүдө. Жалпы айдоо аянты 673,8 миң *га* (1974), анын 281,9 миңи дан эгиндери (күздүк буудай, кара буудай, сулу, таруу), 75,6 миңи тех. өсүмдүктөр (кант кызылча, зыгыр), 222,8 миңи тоют. 1975-ж. 746,1 миң үй (сааны 287,3), 508,7 миң чочко, 133,6 миң кой-эчки болгон.

Автомобиль жолунун уз. 7,8 миң *км*, т. ж. 579 *км* (1974). 1974—75-окуу жылында 886 мектеп, 21 кесиптик-лик, 16 атайын орто, 2 жог. окуу жайы (суу чарба инженер, пед.), Киев мад-т ин-тунун маданий-агартуу ф-тети, 2 ил. из. станциясы болгон. 841 китепкана, 2 край таануу музейи, Сов. Союз. Баатыры, чалгынчы Н. И. Кузнецовдун музейи, драма театр ж. б. бар. 1975-ж. 11,5 миң орундуу 100 ооруканада 2,3 миң врач иштеген. Обл. «Червоний прапор» («Кызыл Туу», 1939-жылдан), «Лeніньска молодь» (1963) газеталары чыгат.

Ад.: Украина. Районы, М., 1969 (серия «Советский Союз»).

РОВНЫЙ—Панфилов р-ндагы Күрүлдөк айыл советине карштуу кыштак. Ярославский атн. к-здун аймагында. Райондун борбору ж-а т. ж. станциясы Кайындыдан 13 *км* түн.-чыгыш тарапта. Калкы 850 (1976). Орто мектеп, клуб, 2 китепкана, фельдшер-акушердик пункт бар. 1900-ж. орнокон.

РОГАВА Антимоз Михайлович [30. 12. 1910 (12. 1. 1911), Кулискари кыш., азыркы ГССР, Зугдид р-ну, Орджоникидзе кыш.— март, 1977, ошол эле жер] — колхоз өндүрүшүнүн новатору, эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1948, 1951). 1939-жылдан КПСС мүчөсү. 1938—51 ж-а 1968-жылдан Зугдид р-нунда Ленин атн. к-здун башкармасынын пред-ли. Р. башкарган колхоз 1947-ж. 78 *га* жердин гектарынан 57,9, 1950-ж. 156,1 *га* жердин гектарынан 61,4 *ц* чай жалбырагын алган. 1952—60-ж. «Сакартвело» к-зунун башкармасынын пред-ли, 1961—68-ж. Хецер чай совхозунун директору. ГССР Жог. Советинин (3-шайл.) депутаты. Төрт Ленин ордени, башка 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

РОГОВАЯ ОБМАНКА — 1) амфиболдор тобуна кирүүчү минерал. Болжолдуу хим. формуласы: $Ca_2Na[Mg, Fe]_4[Al, Fe][(Si, Al)_4O_{11}]_2[OH, F]_2$. Моноклин системасында кристалланат. Оңу күңүрт жашыл, кара күрөң, кара. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 5,5—6; салыштыр. салм. 3,1—3,3. Тоо тектерди түзүүчү минерал катары интрузия (гранит, сиенит, диорит), эффузив (андезит, базальт, порфирит) ж-а метаморфизмделген тоо тектердин составында кезигет. 2) Кадимки Р. о.—эденит, чермакит, паргасит, гастингсит минералдарын бириктирген кальцийлүү алюминий кычкылдуу амфиболдор топчосунун аталышы.

РОГОВИК — 1) интрузиянын жанаша жаткан тектерге тийгизген таасиринен пайда болгон майда бүртүкчөлүү тыгыз тоо тек. Жанаша жаткан тектердин составында карбонаттар басымдуу болсо, Р. контакт мрамору на айланат. 2) Темирдин суулуу кычкылы м-н чоподон турган кремнийлүү тоо тек. Карбонат чөкмө тектеринин арасында кабатча, конкреция түрүндө жайгашат.

РОД (грамматикалык) — 1) өзүнө гана мүнөздүү жөндөмө мүчөсү ж-а зэрчишүү өзгөчөлүгү бар сөздөрдүн граммат. классы. Р-дун кадыресе системасы булар — мужской Р., женский Р., средний Р. Р-дун мындай түрлөрү бар тилдерге байыркы инди-европа тилдеринин көбү (латын, байыркы грек, санскрит ж. б.), азыркы орус, немец д. у. с. тилдер кирет. Айрым тилдерде (семит-хамит, роман, келт, инди ж-а иран тилдеринин айрымдары ж. б.) Р-дун эки түрү — мужской Р., женский Р. же несредний Р.— средний Р. (хетт, швед тилдери) болсо, айрымдарында общий Р. бар. Ар бир Р-до жандуу ж-а жансыз заттардын зэрчишин айкашуусу мүнөздүү болгон тилдер да учурайт (мис., орус тилинде). 2) Зат атоочтун классификациялоочу, сын атоочтун сөз өзгөртүүчү граммат. категориялары. Кыргыз тилинде башка түрк тилдери сыяктуу эле Р. категориясы жок.

Ад.: Кузнецов П. С., О принципах изучения грамматики, М., 1961; Курилович Е., К вопросу о генезисе грамматического рода, в его кн.: Очерки по лингвистике, М., 1962; Зализняк А. А., Русское именное словоизменение, М., 1967.

РОД-АЙЛЕНД — АКШдагы штат. Атлантика океанынын жээгинде. Аянты 3,2 миң *км*². Калкы 933 миң (1975). Админ. борбору — Провиденс ш. Р.-А.— өлкөдөгү аянты эң кичине, калкы жыш отурукташкан (1 *км*² жерге 300 киши) ж-а ө. ж. өнүккөн штат. Ө. ж-дын негизги тармактары: текстиль, түрдүү машина куруу ж-а металл иштетүү, резина, зергердик буюм жасоо, галантерея. Ө.ж. ишканалары негизинен Провиденс ш-нда ж-а аның айланасында жайгашкан. А. ч-нда мал чарба басымдуу. Балык кармалат. Туризм өнүккөн.

РОДАНИДДЕР, тиоцианаттар — родандуу суутек к-тасынын HSCN туздары, көпчүлүгү сууда жакшы эрийт. Алардын ичинен KSCN м-н NH_4SCN практикалык маанияе ээ. Р. аналит. химияда катиондорду табуу үчүн колдонулат.

РОДАРИ Жанни (23. 10. 1920-ж. т., Оменья) — италия балдар жазуучусу. 1944-жылдан Италия компартиясынын мүчөсү. Каршылык көрсөтүү кыймылына катышкан. Ырлары 1948-жылдан жарыялана баштаган. Поэзияда жагымдуу юмор м-н обондуу ыргакты, социалдык сатира м-н оптимизмди айкалыштa берип, Р. көңүлүн эле майда көрүнүштөрдөн дүйнөнүн татаал ж-а маанилүү жактарын ачып берүүгө жетишкен. «Чиполлинонун укмуштуу окуялары» (1951; кыргызчасы — 1959), «Телефон аркылуу айтылган жомок» (1962) дегендей повесть-жомоктордун автору. Айрым чыг-лары кыргыз тилине которулган.



О. Роден.

Чыг.: Поезда и города, пер. С. Маршака, М., 1955; Всемирный хоровод, пер. С. Маршака, М., 1962; Чем пахнут ремесла? [Калининград, 1972]; Саламатсыңарбы, балдар! Фр., 1959; Жомоктор, Фр., 1975.

Ад.: Потапова З., Борьба за прогрессивную детскую литературу в Италии, в сб.: Вопросы детской литературы, М., 1957; Брандис Е., От Эзопа до Джанни Родари, М., 1965.

РОДЕН Рене Франсуа Огюст (12. 11. 1840, Париж — 17. 11. 1917, Парижге жакын, Мёдон) — француз скульптору. Чиновниктин үй-бүлөсүнөн. Парижде Сүрөт тартуу ж-а матем. мектепте окуган (1854—57). Француз скульптору ж-а живописчиси А. Бариден таалим алган (1864), Парижде ж-а Брюсселде иштеген (1871—77). Алгачкы иштеринде эле (мис., «Сыпык мурун киши», коло, 1864) чеберлиги байкалган. 1884—88-ж. Р. Кале ш-нда «Кале граждандары» деген скульптура тобун (коло, 1895-ж. орнотулган) түзгөн. Р. 1880-жылдан өмүрүнүн акырына чейин Данténин «Ажайып комедия», античный мифтер, библия уламыштар, француз акыны Ф. Вийондун ж-а ошол кездеги поэзиянын мотивдери б-ча «Тозоктун дарбазасы» аттуу горельеф композициясын түзгөн. Аның айрымдары өзүнчө тема болуп өнүктүрүлгөн (мис., «Ойчул», 1888, А. С. Пушкин атн. сүрөт музейи, Москва). 1880-жылдардын ортосунан Р-дин чыг-лығы үчүн татаалдашкан символикалык образдарды бири бирине карама-каршы келген эмоциялар аркылуу берүү мүнөздүү. Р.— скульптурада *импрессионизмге* негиз салуучулардын бири.



О. Роден. «Ойчул». 1890. Москва. А. С. Пушкин атн. сүрөт өнөр музейи.



К. Г. Роденко.



В. И. Рождественский.

Ад.: Вейс Д., Огюст Роден, М., 1969.

РОДЕНКО Константин Герасимович (1923-ж. т., азыркы Ленинполь р-ну, Ленинполь кыш.) — Сов. Союз. Баатыры (1945), 1944-жылдан Сов. Армияда. Улуу Ата Мек. согушта 1-Балтика бою фронтундагы 43-армиянын 70-дивизиясынын 227-полкунда орудие командири. Кёнигсбергге кирүүчү жолдогу бекем корголгон Гроссфридрихсберг р-ну ж-а Модиттен таяныч пункту үчүн согушта душмандын коргонуусун бузуп, торт станковый пулемётун, № 75 байкоочу жайын, бир «Фердинандын» талкалап, 50 фашистти жок кылган ж-а 7 фашисттн туткундап, жоо аскерлердин Модиттенди эвлеөсүнө жол ачкан. Р. «Эрдин үчүн» медалы м-н сыйланган (1945). Ленинполь кыш-нда иштейт.

РОДИЙ (лат. Rhodium), Rh — Менделеевдин мезгилдик системасынын VIII тобундагы хим. элемент, ат. н. 45, ат. м. 102, 905; *платина металлдарынын* бири.

РОДИМЦЕВ Александр Ильич [23. 2(8. 3). 1905, Оренбург обл., Шарлык кыш.— 17. 4. 1971, Москва] — сов. аскер начальниги, генерал-полковник (1961), эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1937, 1945). 1929-жылдан КПСС мүчөсү. 1927-жылдан Кызыл Армияда. М. В. Фрунзе атн. Аскер академиясын (1939), Аскер академиясына каратуу курстарды (1941, 1947) бүткөн. 1936—37-ж. Испаниядагы гражд. согушка катышкан. Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) Түш.-Батыш, Дон, Сталинград, Талаа, Воронеж, 2- ж-а 1-Украин фронтторунда салгылашып, аба-десант бригадасынын командирине аткычтар корпусунун командирине чейин көтөрүлгөн. Согуштан кийин аскердик жооптуу кызматтарда. 1966-жылдан Коргоо мин-восунун ген. инспекторлор тобунун аскер консультанты. СССР Жог. Советинин (3-шайл.) депутаты. Үч Ленин ордени, Октябрь Революциясы, 4 Кызыл Туу, эки 2-дараж. Суворов, 2-дараж. Кутузов, 1-дараж. Богдан Хмельницкий, 2 Кызыл Жылдыз ордени ж-а медалдар, о. эле чет мамлекеттердин ордендери ж-а медалдары м-н сыйланган.

РОДИНА, к. *Ата Мекен*.

«РОДИНАНЫ ЖАНА РЕВОЛЮЦИЯНЫ САКТОО КОМИТЕТИ» — Улуу Окт. соц. рев-ясына каршы күрөшүү үчүн Петроградда 1917-ж. 26-октябрь түнү түзүлгөн контррев-ячыл уюм. Комитет эсер-меньшевиктерден турган. Ал Антанта мамлекеттеринин элчиликтери ж-а контррев-ячыл уюмдар м-н байланышта болгон. Комитет большевиктерге каршы үндөө баракчаларын тараткан. 1917-ж. 29-октябрда (11-ноябрь) Петроградда чыгарган козголоң басылган соң комитеттин ишмерлери башка союз түзүшкөн.

РОДИОНОВ РЕАКЦИЯСЫ — аммиак, альдегиддер ж-а малон к-тасынын реакцияга киришинен β-аминокислоталарды алуу методу:

$$RCHO + CH_2(COOH)_2 + NH_3 \rightarrow$$
$$\rightarrow RCH(NH_2)CH_2COOH.$$

Р. р. м-н алынган бирикмелердин көпчүлүгү физиологиялык активдүү зат болгондуктан медицинада колдонулат. Бул реакцияны 1926-ж. сов. химик В. М. Родионов ачкан.

РОДНИНА Ирина Константиновна (12. 9. 1949-ж. т., Москва) — сов. спортсмен, фигуралык муз тебүү б-ча спортко эмг. сиц. мастер (1969), окутуучу. Борб. физ-ра ин-тун бүтүргөн (Москва, 1974). 1975-жылдан КПСС мүчөсү. Түгөйлешүп фигуралык муз тебүү б-ча дүйнөнүн ж-а Европанын 10, Олимпиялык оюндардын 2, СССРдин 6 жолку чемпиону. 1968—72-ж. А. Н. Уланов м-н, 1973-жылдан А. Г. Зайцев м-н бирге машыгат. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

РОДОНИТ (гр. rhódon — роза дегенден) — силикаттар классындагы минерал. Хим. формуласы $CaMn_4[Si_5O_{15}]$. Триклин системасында кристаллданат. Өңү мала кызыл, айнектей жылтырак. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 5,5—6; салышт. салм. 3,4—3,7. Төмөнкү темп-ралуу гидротерм ж-а контакт метаморфизм процессинде пайда болот. Р-тен кооз буюмдар жасалат, имараттардын дубалдарын кооздоп каптоо үчүн да колдонулат.

РОДОП ТООЛОРУ Балкан жарым аралында, Болгария м-н Грециянын аймагында. Уз. 240 *км*, бийикт. 2191 *м*ге чейин (Голям-Перелик чокусу). Чыгышты карай жапыздаган бир нече кырка тоодон турат. Дарыяларында ГЭСтер ж-а суу сактагычтар бар. Түш. этектеринде бадал өсүмдүктөрү (маквис ж-а шибляк тибиндеги), дайыма жашыл өмен, түн. капталдарында өмен, бук ж-а ийне жалбырактуу токой өсөт. 1800—2000 *м* бийиктен жогору субальп шалбаасы ж-а бадалдар эөлейт. Минералдуу булактар көп. Бальнеологиялык ж-а климаттык курорттору бар. Туризм өнүккөн.

РОДОС — Байыркы *Эгей маданиятынын* борборлорунун бири — Родос ш. жайгашкан Грециядагы арал. Р. деңиз аркылуу соода жүргүзүп, б. з. ч. 8—7-к-да Сицилияны, Түн. Африканы ж. б. жерлерди колониялоого активдүү катышкан. Грек-перс согушунун (б. з. ч. 500—449-ж.) мезгилинде персгер басып алган, кийин *Делос союзуна* кирген. Б. з. ч. 408—405-ж. Р. ш-ла-ры бир полиске бириккен. Античный мезгилде Р.— башында соода-кол өнөрчүлөр ж-а жер ишттетүүчүлөр олигархиясы турган өнүккөн кул ээлик мамлекет болгон. Б. з. 44-ж. аны Рим басып алып, өзүнүн Азия провинциясына киргизген. 4—13-к-да Византияга, 14-к-дын башында иоанниттердин диний-рыцардык орденине, 16-к-да Осмон империясына өткөн. 1912—47-ж. Италиянын составында болуп, тынчтык келишим б-ча (1947, 10-февр.) Грецияга кошулган.

РОДОХРОЗИТ (гр. rhódon — роза ж-а chrósis — түс), марганец шпаты — карбонаттар классына кирүүчү минерал. Хим. формуласы $MnCO_3$; тригон системасында кристалланат. Өңү кызгылтым, кызыл; айнектей жылтырак. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 3,5—4; салышт. салм. 3,6—3,7. Көбүнчө сульфид руда тарамдарында, гидротерм, метасоматоз кендеринде родонит, марганец, гранит, гаусманит ж. б-лар м-н бирге кезигет. Р.— ферромарганец эритүү үчүн баалуу сырьё. Чоюн ж-а темир эритүүдө да колдонулат.

РОЖДЕСТВЕНСКИЙ Валерий Ильич (13. 2. 1939-ж. т., Ленинград) — СССРдин космонавт учкучу; инженер-полковник, Сов. Союз. Баатыры (1976). 1961-жылдан КПСС мүчөсү, 1961-ж. Ф. Э. Дзержинский атн. Жог. аскер-деңиз инженердик окуу жайын бүтүп, АДФтин болүктөрүндө кызмат өтөгөн. 1965-жылдан космонавттар отрядында. 1976-жылдын 14—16-октябрында «Союз-23» космос кемесинин бортинженери болуп (В. Д. Зудов м-н бирге) космоско учкан. Учуунун бардык этаптарында экипаж чечкиндүү иштеп, өз милдетин так аткарып, биринчи жолу сууга келип конгон. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

РОЖОК — 1) ар кыл үйлөмө муз. аспаптардын аты (мис., англис Р-у альт гобой). 2) Орус элинин үйлөмө аспабы. Уз. 400—500 *мм*. Кээде орус эл аспаптар оркестринде колдонулат.

РОЗА (Rosa), атыр гүл — роза гүлдүүлөр тукумундагы өсүмдүк уруусу. Түн. жарым шарда 400гө жакын, СССРде 200дөн ашык түрү (ит мурун) белгилүү. Р.— бийикт. 15 *см*ден 2 *м*ге чейинки бадал. Бутагы тикенектүү, жалбырагы жупсуз, катарлашып жайгашат. Гүлү жөнөкөй же тармал, ар кыл түстүү, жыпар жыттуу, айрым түрү жытсыз. Мөмөсү — бир уруктуу жаңгакча. Р. түр арасынан табигый гибридин оңой пайда кылат. Жапайы Р-нын көбү эгилмеге айланган. Мекени — Кытай, Афг-н, Иран, Армения ж. б. Р-нын көпчүлүк үчүн эгилүүчү 25 миңче сорту ж-а формасы бар, алар 3 топко бөлүнөт. Күбүлмө жалбырактуу бадалдар жыш тамырлуу, жылына жазда 20—40 күн гүлдөйт. Гүлү өткөн жылкы жаш бутактын учуна бүрдөйт (Ламберт Р., бырыш гибриди, Кордези, галль ж. б.). Дайыма жашыл бадалдар тез өсүп, узакка гүлдөйт (бакта өсүүчү Р., бурбон, ремонтант ж. б.). Линаалардын бутактары 10—12 мге жетет. Жылына бир жолу гүлдөйт (көп гүлдүү Р., вихурайану Р.). Р. күр, кумдак ж-а чополуу жерге жакшы өсөт. Айрым Р-нын гүл желекчесинен баалуу, жыттуу эфир майы (роза майы) алынат. СССРде эфир майы алынуучу Кызыл Крым, Фестиваль, Мичурин, Пионер, Таврида сорттору чыгарылган. Алар Түш. Украинада, Молдавияда, Краснодар крайында ж-а Кавказда айдалат. Көө бир Р. гүлүнүн гүл желекчесинен кыям жасалат. Мөмөсүндө аскорбин к-тасы ж-а Р витамини көп. Витамин жасоодо керектелет. Мөмөсү м-н тамыры боёк жасоодо колдонулат.

Кырг-нда Р-нын 500дөн ашык түрү ж-а сорту өстүрүлөт. Зыянкечи: Р. бити, жалбырак түргүч, Р. таарыгыч, жоргомуш, кене ж. б. Илдети: чаңгыл кебер, дат, жалбырак кара тагы, боз чирик, бактерия рагы.

Ад.: Ижевский С. А., Розы, 2 изд., М., 1958; Клименко В. Н., Клименко З. П., Розы, 3 изд., Симферополь, 1974.

РОЗА ГҮЛДҮҮЛӨР (Rosaceae) — осумдүктордун эки үлуштуулар классындагы тукуму. Дарак, бадал ж-а чөп. Жалбырагы жан жалбыракчалуу, адатта кезектешип жайгашкан. Гүлү көбүнчө айрым жыныстуу, жалгыздан же топ гүлгө чогулган. Гүл коргону 5 мүчөлүү. Мөмөсү — кутуча, алма, данек ж. б. Айрым айдама Р. г-дүн мөмөсү уруксуз ж-а партенокарпуу. Жер бетинде 35 миңге жакын, СССРде 700дөн ашуун (Кырг-нда 134төй) түрү таралган. Р. г. тукумчаларга бөлүнөт. Р. г-го мөмө дарактар (алма, алмурут, чие, өрүк ж. б.), жемиштүүлөр (дан куурай, кожогат, кара бүлдүркөн ж. б.) ж-а дары-дармек өсүмдүктөр (сангүсорба, ит мурун ж. б.) кирет.

Ад.: Флора Киргизской ССР, т. 8, Фр., 1957.

РОЗЕБОМ ЭРЕЖЕЛЕРИ—эки компоненттүү системадагы катуу эритменин составы м-н андагы тең салмакта турган суюктуктун ж-а катуу фазанын эрүү темп-расынын ортосундагы өз ара байланыш эрежелери. Бул эрежелерди 1899-ж. нидерланд физик-химиги Х. Розебом ачкан. Тең салмактуулукта турган катуу эритме суюктукка салыштырганда эрүү темпрасы жогору болгон компоненттерге байыраак (1-эреже). Эрүү темп-расынын ийри сызыгынын экстремум чекиттеринде тең салмактуулукта турган катуу ж-а суюк фазалардын составы бирдей (2-эреже). Р. э. практикада катуу эритмелердин кристаллдануу жолун аныктоодо колдонулат.

РОЗЕТТА ТАШЫ — байыркы египет тилинде иероглиф м-н жазылган базальт такта. 1799-ж. Сен-Жюльен чебин курууда Египеттеги француз аскеринин офицери Бушар Ганкан тапкан. Р. т. азыр Британ музейинде (Лондон) сакталууда. Р. т-ндагы б. з. ч. 196-ж. чегилип жазылган сөздөр Египет жрецтеринин Птолемей V Епифанга (б. з. ч. 204—180-ж. башкарган) алкышын түшүндүрөт. Ани 1822-ж. француз илимпозу Ф. Шампольон окуган; бул египет иероглифин окууга жол ачкан.

РОЗИНЬ, Розиньш Фрицис (Фридрих) Адамович (жашырын аты — Азис) [7(19). 3. 1870, азыркы Латыш ССРи, Лиепай р-ну, Вирга айыл совети — 7. 5. 1919, Глужнева кыш., азыркы Латыш ССРи, Резекненский р-ну, Шпели айыл совети, соогу Ригада коюлган] — Латыш компартиясын негиздегендердин бири, публицист. Дыйкандын үй-бүлөсүнөн. 1891—97-ж. Тарту ун-тинде окуп, рев-ячыл кыймылга катышкан. Латыш с.-д. жумушчу партиясын (1904) негиздешкен. БКнын мүчөсү. 1905-ж. Латвияда парт. басмага жетекчилик кылган. РСДРПнин 5-съездине (1907) делегат. 1908-ж. камалып, сүргүнгө айдалган. АКШга качып, большевикчил багыттагы латыш социал-демократиясынын «Рабочий» газетасынын редактору болгон. 1917-ж. октябрда Латвияга келип, декабрдан Латвия жумушчу, солдат ж-а жерсиздер депутаттарынын советинин аткомунун пред-ли. 1918-ж. марттан РСФСРдин Улуттар эл комиссарынын орун басары. ББАКтын Президиум мүчөсү. 1919-ж. Сов. Латвия өкмөтүнүн жер комиссары. Маркстик философия, эл аралык жумушчу кыймылы б-ча эмгектердин автору. 1900-ж. К. Маркс м-н Ф. Энгельстин «Коммунисттик партиянын манифестин» латыш тилине которгон.

РОЗМАРИН (Rosmarinus) — эрин гүлдүүлөр тукумундагы өсүмдүк уруусу. Дайыма жашыл бадал. Жалбырагы



Дары розмарин: гүлдүү сабак; а— гүлү.

ичке, бутакта тыгыз, топтошуп жайгашат. Гүлү мала кызыл, көгүш, ак түстүү, чачык сымал топ гүлдүү. Р-дин жалбырагы м-н гүлдүү өркүнүнөн алынган эфир майы парфюмерияда, медицинада, кулинарияда кеңири колдонулат. Дарылык Р. Европада, СССРдин түштүгүндө, көбүнчө Крымда, Кавказда жыттуу эфир майын алуу ж-а кооздук үчүн өстөлөт. 2—3 жылдык бадалынын гектарынан 2—3 *т* кургак жашыл масса жыйналат. Андан 1,5—2,5% эфир майы чыгат.

Ад.: Деревья и кустарники СССР, т. 5, М.—Л., 1960.

РОЗОВА Евдокия Александровна [13. 03. 1899, Сормов кыш. (азыркы Горький ш-нын чегинде) — 15. 04. 1971, Фрунзе] — сейсмолог, физ.-матем. илимд. доктору (1950), Кыргыз ССР ИАнын акад. (1954). 1952-жылдан КПСС мүчөсү. Ленинград ун-тин бүткөн (1929). Анжиян, Жалал-Абад ш-ларындагы сейсм станцияларына башчы (1927—29), СССР ИАнын Физ.-матем. ин-тунда ил. (1929—30), Сейсмология ин-тунда ст. ил. (1935—39) кызматкер, СССР ИАнын докторанты (1939—43), Геофизика ин-тунда ст. ил. кызматкер (1943—52), Кыргыз ССР ИАнын сейсмология бөлүмүнүн башчысы (1952—71). Р.—О. Азиядагы жер титирөө изилдөөсүн негиздөөчүлөрдүн бири, 80дей ил. эмгектин автору (20дан ашыгы Кырг-нга арналган). Жер титирөө эпицентри м-н аның терендиктеги борборунун ордун бир убакта аныктоо үчүн тиешелүү годографты тандоо — «кесилиштирүү» ыкмасын алгач колдонгон. Ал ыкма О. Азиядагы жер титирөөлөрдүн көбүнүн терендиктеги борборун так аныктоого мүмкүндүк берген. Гиндукуш м-н О. Азиядагы жер титирөөлөрдүн жер астындагы борборлору негизинен 0—10 *км*, 35±10 *км*, 60—300 *км* ж-а эң көбү 0—10 *км* терецдиктерде болорун аныктаган. Аның жетекчилиги м-н Кырг-ндын сейсмдик райондоштуруу картасы, Фрунзе, Рыбачье ж. б. ш-лардын, Папан, Киров суу сактагычтарынын аймагынын сейсмдик микрорайондоштуруу карталары түзүлгөн, илимдин 4 кандидатын даярдаган. «СССР жер титирөө атласын» түзүшкөн авторлордун бири. Ленин ордени, «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган.



Е. А. Розова.

Эмг.: Составление годографа и определение основных сейсмических элементов для Средней Азии, «Труды Сейсмологического ин-та АН СССР», М.—Л., 1936, № 72; Определение глубины залегания очага землятрясения по способу засечек, «Труды сейсмологического ин-та АН СССР», М.—Л., 1948, № 127; Жер титирөө жана аны изилдөө, Фр., 1958 (К. Жанузаков м-н бирге); Сейсмологические исследования в Средней Азии за годы Советской власти, «Известия АН Кирг. ССР», 1967, № 5; Сейсмичность Киргизии, в кн.: Сейсмическое районирование СССР, М., 1967.

Ад.: Евдокия Александровна Розова (сейсмолог). (К 60-летию со дня рождения и 40-летию науч., пед. и общественной деятельности), «Известия АН Кирг. ССР», Серия естеств. и техн. наук, 1959, т. 1, в. 3; Евдокия Александровна Розова, биобиблиогр. указатель, Фр., 1969, текст кыргыз, орус тилинде.

РОКОКО, рокайль — (фр. rocaille, сөзмө-сөз талкаланган майда таш, үлүл; орнамент мотиви) — 18-к-дын 1-жарымында европ. пластика өнөрүндө өнүккөн стиль. Францияда абсолютизм кризиске учураган мезгил-





1. Ж. Обер. Шантийдеги сарай. 1719—35. 2. Ф. Буше. «Ринальдо жана Армида». 1734. Париж. Лувр.

де пайда болгон. Р-нун онүгүшүндө (1725—50-ж. аралыгы, Людовик XV-нин стили делген) татаал оймо-чийимелер, ийри-буйру сызыктар, быжыгырлар, амурдун сомдолгон баштары көп колдонулган. Р. стилинин өзгөчө орнаменттүү багыты имарат беттерин жасалгалоодо кеңири пайдаланылган. Асем ишинде назиктик м-н образды түзүү, мифологиялык, пасторалдык, көңчүлүккө жеңил эротикалык сюжетти жаратуу — Р. стилинин касиети. Р-нун белгилери 18-к-дын ортосундагы орус жасалга өнөрүндө (В. В. Растрелли, С. И. Чевакинский ж. б.) байкалган.

РОКОССОВСКИЙ Константин Константинович [9(21). 12. 1896, Великие Луки ш., азыркы Псков обл.— 3. 8. 1968, Москва] — сов. аскер начальниги, Сов. Союз. Маршалы (1944), эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1944, 1945). 1919-жылдан КПСС мүчөсү. Т. ж. машинистинин үй-бүлөсүнөн. 1914-жылдан армияда. Биринчи дүйн. согушка (1914—18) катышкан. 1917-ж. октябрда Кызыл Гвардияга, кийин Кызыл Армияга кирген. Гражд. согушта (1918—20) эскадронго, дивизионго, полкко командир болгон. Атчан командирлер составынын (1925) ж-а М. В. Фрунзе атн. Академиядагы жог. начальниктик составдын билимин өркүндөтүү курсун бүткөн (1929). Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) корпуска, армияга ж-а фронтторго (Брянск, Дон, Борб., Белорус, 1-, 2-Белорус) командачы. Р. командачы болгон аскерлер Москва жанындагы, Сталинград, Курск салгылаштарына, Берлинди алууга ж. б. операцияларга катышкан. Р. 1945-ж. 24-июндда Москвада Жеңиш парадын башкарган. 1945—49-ж. Түн. аскерлер тобуна башкы командачы. 1949-ж. октябрда Р. Поляк Эл Респ-касынын өтүнүчү б-ча (Совет өкмөтүнүн уруксаты м-н) ПЭРге барып, Улуттук коргоо министрлигине ж-а Мин. Советинин Пред-линин орун басарлыгына дайындалып, Польшанын Маршалы наамын алган. ПБЖП БКнын Саясий бюросуна мүчөлүккө ж-а Сеймге депутаттыкка шайланган. 1956-ж. СССРге кайтып, СССР Коргоо мин-восунда жооптуу кызматтарда иштеген (1956—68). КПСС БКнын мүчөлүгүнө кандидат (1956—68). СССР Жог. Советинин (2, 5—7-шайл.) депутаты. Жети Ленин ордени, Октябрь Революциясы, «Жеңиш», 6 Кызыл Туу, 1-дараж. Суворов ж-а Кутузов ордендери ж-а медалдар, о. эле чет өлкөлүк көп орден ж-а медалдар м-н сыйланган. Соогу Кызыл Аянттагы Кремль дубалына коюлган.

Чыг.: Солдатский долг, М., 1968.
Ад.: Кардашов В., Рокоссовский, 2 изд., М., 1973.

«РОЛАНД ЖОНҮНДӨ ЫР» — «Короолдук эрдиктер» деген дастан циклиндеги француз элинин баатырдык эпопеясы. О. кылымда жаралган. Бизге жеткен редакциясы — Оксфорд версиясы (1170-ж. чен). Ал версияга Роланд башчылык кылган Улуу Карл аскеринин Испаниядан чегинип келе жатып Пиренейде (778-ж.) баскилер тарабынан талкаланышы ж-дегу тарыхый окуя негиз болгон. Поэмада христиан баскилер мусулман маврлар м-н алмашылып, 10—12-к-дагы окуя катары сүрөттөлүп калган. Поэмага патриотизм идеясы, образдардын монументтүүлүгү мүнөздүү. «Р. ж. ы.» биринчи жолу 1837-ж. Парижде басылган. Айрым италян акындары тарабынан Кайра жаралуу доорунун гуманисттик идеяларынын духунда кайра иштелип чыккан.

Текст: в рус. пер. — Песнь о Роланде, М.—Л., 1964.
Ад.: История французской литературы, т. 1, М.—Л., 1946.

РОЛЛАН Ромен (29. 1. 1866, Кламси — 30. 12. 1944, Везле) — француз жазуучусу, музыка таануучу, коомдук ишмер. Нотариустун үй-бүлөсүндө туулган. Жог. нормалдык мектептен (Париж) гуманитардык билим алган. Студент кезинен эле Л. Н. Толстой м-н кат алышып, андан таалим алган. Р-дын туңгуч чыг-ларында көбүнчө рев-ячыл идеялар берилет: «Ишеним трагедиясы» («Каскеттүү Людовик», 1897; «Аэрт», 1898; «Мезгил келет», 1899), «Революция драмалары» («Карышкырлар», 1898; «Дантон», 1899; «14-июль», 1902 ж. б.). 20-к-дын башында Р. иск-вонун улуу ишмерлеринин өмүрү ж-дө көркөм чыг-лар циклин жарыялаган («Микеланжелонун өмүрү», 1907; «Бетховендин өмүрү», 1903; «Толстойдун өмүрү», 1911). Ошол эле мезгилде Р. «Жан-Кристоф» (1904—12; кыргызчасы — 1938) аттуу он том роман жазган. Анда баш каарман Жан-Кристоф аркылуу иск-вонун чыңдыгы, тазалыгы үчүн көп күч жумшаган гениалдуу музыкант Л. Бетховендин образын тарткан. Р-дын бул романдагы идеясы «Кола Брюньон» (1918; кыргызчасы — 1955) аттуу повестинде уланат. 1914—19-ж. «Согуш жылдарынын күндөлүгү» аттуу чыгарма жазган. Ал В. И. Ленин атн. СССР мамл. китепканасында сакталып келип, автордун керээзи б-ча 1955-ж. жарыяланды. Окт. рев-ясынан кийин Р. Советтер өлкөсү м-н достук мамиледе болгон. «Робеспьер» (1939) деген трагедиясы м-н «Сыйкырдуу жан» (1922—33) аттуу романында империализмди жок кылууда рев-я кандай тарыхый ролго ээ экенин ж-а СССРдин бүткүл дүйн. маанисин ачык тааныганын билдирген. Р-дан музыка тарыхы б-ча да баалуу ил. эмгектер калган. Нобель сыйл. лауреаты (1915).

Чыг.: Собр. соч., т. 1—14, М., 1954—58; Соч., т. 1—9, М., 1974; Воспоминания, М., 1966.
Ад.: Горький М., [Статьи], Собр. соч. в тридцати томах, т. 24, М., 1953; Луначарский А. В., [Статьи], Собр. соч., т. 4—5, М., 1964—65; Мотылёва Т., Творчество Р. Роллана, М., 1959; её же, Р. Роллан, М., 1969; Дюшен И., «Жан-Кристоф» Р. Роллана, М., 1966.

РОЛЛЬ ТЕОРЕМАСЫ — дифференциал эсептөөдөгү негизги теоремалардын бири. Ал томонкудой айтылат: эгерде $f(x)$ функциясы $[a, b]$ кесиндисинде үзгүлтүксүз болуп, ошол кесиндинин ар бир чекитинде дифференциалданса ж-а ал кесиндинин четки чекиттериндеги функция маанилери $f(a) = f(b)$ болсо, анда (a, b) интервалында $f'(x)$ туундусунун нолго айлануучу кемиңде бир c чекити болот. $f'(c) = 0$. Р. т-н алгач (1690) француз математиги М. Ролль (1652—1719) аныктаган.

РОЛЬ — 1) драмадагы (киносценарийдеги) адабий каарман, спектаклдеги (фильм, радиоңесадагы) актёр түзгөн образ. Р. комедиялык, трагедиялык, драмалык, трагикомедиялык ж. б. болот. Р. биринчи (башкы) ж-а экинчи (жардамчы), эпизоддук ж. б. деп айырмаланат. Муз. театрда Р. партия деген түшүнүктү билдирет. 2) Пьесада (фильмде) катышуучулар сүйлөөчү текст.

РОМАН (фр. roman, нем. Roman) — ад-ттын эпос уруусундагы жанры; жеке адамдардын (личность) социалдык мүнөздөрүн коомдук турмуш м-н байланышта көрсөтөт. Көбүнчө кара соз түрүндө жазылат.

Р-дын алгачкы үлгүлөрү байыркы дооруңдо эле (мис., Гелиодордун «Эфиопикасы») жаралган, бирок аның чыныгы өнүгүү жолу *Кайра жаралуу* доорунан кийин башталган. Р. деп адепки учурларда роман тилдеринде жазылган баян мүнөздүүдөгү чыг-лар гана аталган. Кийин англис ж-а немец Р-дары пайда болгон соң, «Р.» термини бул эски мааниде эмес, азыркы маанисинде колдонула баштаган.

Дүйнөгө таанымал биринчи улуу роман—Сервантестин «Дон-Кихоту»— 17-к-дын ортосунда пайда болгон. 18-к-дын орто ченинде англис ж-а француз сентименталисттери Р-дын жаңы типин түзүшкөн (мис., Ж. Ж. Руссо). 19-к-да Р. дүйн. ад-тта үстөмдүк абал ээлеп, О. Бальзак, А. Стендаль, Т. Флобер, Э. Золя, В. Скотт, Ч. Диккенс, У. М. Теккерей, А. С. Пушкин, И. С. Тургенев, И. А. Гончаров, Л. Н. Толстой, Ф. М. Достоевский ж. б. жазуучулардын бурж. коом турмушун ар тараптан изилдеген Р-дары жаралган.

20-к-дагы Р-дарда сын реализминин социалдык-турмуштук ж-а психол. Р-дарынын салттары улантылды (Ж. Голсуорси, А. Франс, Р. Роллан, Р. Тагор, Т. Манн, Л. Фейхтвангер, М. дю Гар, А. Моравиа, Э. Хемингуэй, У. Фолкнер, Я. Кавабата ж. б.). Р. жанрында бири бирине кескин карама-каршы эки тенденция пайда болду: биринчиси—бурж. идеология ачсезимининн кризиси чыгарган модернисттик Р. (А. Белый, М. Пруст, Ж. Койс, Ф. Кафка, Ж. П. Сартр, А. Камю, Н. Сарроб ж. б.), экинчиси — Россияда жаралып, анан СССР ж. б. өлкөлөрдө негизги чыг-лык методго айланган социалисттик реализм принциптерин нуска туткан Р. (М. Горькийдин «Эне», А. А. Фадеевдин «Талкалоо», М. А. Шолоховдун «Тынч Дон», «Көтөрүлгөн дың», А. Н. Толстойдун «Кыйын кезең», М. Ауэзовдун «Абай жолу», А. Токомбаевдин «Таң алдында», Т. Сыдыкбековдун «Тоо арасында» ж. б.; чет эл ад-тарында — А. Зегерстин «Олүүлөр жаш бойдон калабы», Л. Арагондун «Коммунисттер», Я. Ивашкевичтин «Мактаныч жана дацк» ж. б.).

Ад.: Веселовский А. Н., История или теория романа?, Избр. статьи, Л., 1939; Грифцов Б. А., Теория романа, М., 1927; Фокс Р., Роман и народ, пер. с англ., М., 1960; Декс П., Семь веков романе, пер. с франц., М., 1962; Кожинов В. В., Происхождение романа, М., 1963; Мотылёва Т. Л., Зарубежный роман сегодня, М., 1966; Днепров В., Черты романа XX в., М., 1972; Бахтин М. М., Эпос и роман, в его кн.: Вопросы литературы и эстетики, М., 1975; Поспелов Г. Н., Романические жанры в эпосе, в его кн.: Проблемы исторического развития литературы, М., 1972; Судьбы романа, Сб. ст., М., 1975.

«РОМАН-ГАЗЕТА» — учурдагы көркөм ад-ттын, көбүнчө роман м-н повесттердин массалык мезгилдүү басылмасы. В. И. Ленindин айтуусу б-ча М. Горькийдин демилгеси м-н 1927-ж. июлда негизделген. Мурда айына бир чыкчу, 1957-жылдан бир айда эки чыгат. «Р.-г.» азыркы сов. ж-а чет элдик авторлордун мыкты чыг-ларын кеңири жайылтуу үчүн кызмат кылат. Тиражы 1 млн 611 миң (1978).

РОМАНЕНКО Прокофий Каленикович [26. 7(8.8). 1906, Сосонка кыш., азыркы УССР, Винница обл., Винница р-ну — 17. 7. 1965, ошол эле жер] — колхоз өндүрүшүнүн новатору, эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1950, 1958). 1938-жылдан КПСС мүчөсү. Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. 1950—59-ж. Винница р-ундагы «Ленинский шлях» к-зунда башкарманын пред-ли. Ал башкарган колхоз 1957-ж. ар *га* жерден 24,4 *ц* дан, 394,6 *ц* кант кызылчасын, жүз *га* а. ч. жерине эсептегенде 354 *ц* сүт, 43,6 *ц* эт алган. Ар инектен 3884 *кг* сүт саалган. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.



К. К. Рокоссовский.

РОМАНЕНКО Юрий Викторович (1. 8. 1944-ж. т., Оренбург обл., Бузулук р-ну, Колтубановский кыш.) — СССР космонавт учкучу, Сов. Союз. Баатыры, ЧССРдин Баатыры (16. 03. 1978). 1965-жылдан КПСС мүчөсү. Полковник. 1966-ж. Чернигов жог. аскердик учкучтар окуу жайын бүткөн. Андан кийин ААКта учкуч-инструктор. 1970-жылдан космонавттар отрядында. 1977-ж. 10-декабрда Г. М. *Гречко* м-н «Союз-26» космос кемесинде космоско учуп, кеме «Салют-6» станциясына ашташып биригишкенден кийин көп ил. иштерди аткарган. 20-декабрда кемеден космоско чыгып, станциянын сыртында профилактика иштерин жүргүзгөн. 1978-ж. 11-январда космонавттар В. А. Жанибеков м-н О. Г. Макаровду космоско жеткирген «Союз-27» космос кемеси «Союз-26» ж-а «Салют-6» комплексине ашташып биригишкенден кийин беш сутка 4 космонавт биргелешип иштеген. 22-январда «Прогресс-1» автомат жүк транспорт кемеси ал комплекске керектүү жабдууларды жеткирген. 3-мартта «Союз-28» кемесинде А. А. *Губарев* ж-а В. *Ремек* космоско учуп чыгып, «Салют-6» — «Союз-27» — «Союз-28» орбиталык комплексте биргелешкен сов.-чехосл-лык изилдөөлөр ж-а эксперименттер жүргүзүлгөн. Космос мейкиндигинде учкуч башкарган учуунун узактыгы космонавтика тарыхында биринчи жолу 96 суткага жеткен. 1978-ж. 16-мартта Г. М. Гречко м-н Жерге кайтып келген. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.



Р. Роллан.



Ю. В. Романенко.


РОМАНИСТИКА — филологиянын *роман тилдерин* ж-а роман өлдөрүнүн ад-тын, фольклорун ж-а мад-тын изилдөөчү тармагы. Р. орто кылымда пайда болуп, *Кайра жаралуу* доорунда өсүп-өнүккөн. Алгачкы романист филологдордун бири А. *Данте* болгон. 19-к-дын башында тилдердин текштеги салыштырма-тарыхый метод м-н изилдениш, Р-ның жаңы доору башталган. Р-ның калыптанышына ж-а өнүгүшүнө немец (Ф. Диц), австрия (В. Мейер-Любке, Х. Шухардт), италян (Г. Асколи), француз (Э. Бурсье) тилчилери, орус филологдору (А. Н. Веселовский, В. Ф. Шишмарёв, М. В. Сергиевский ж. б.) зор салым кошкон.

20-к-дын башынан тартып илимпоздор роман тилдери м-н ад-ттарынын тарыхына гана эмес, алардын азыркы (синхрондук) абалына да көңүл бура баштады. Р. борборлору негизинен роман өлкөлөрүндө, СССРдө — Москва, Ленинград, Кишинёвдо тил таануу ин-ттарында ж-а ун-ттеринде. ГФРде Роман лингвистикалык коому бар.

Ад.: Бурсье Э., Основы романского языкознания, пер. с франц., М., 1952; Пордан И., Романское языкознание. Историческое развитие, течения, методы, пер. с рум., М., 1971; Сравнительно-сопоставительная грамматика романских языков. Проблема структурной общности, М., 1972.

РОМАН-КӨШ — Крым ж. а-ндагы эң бийик чоку. Бабуган-Ййла массивинин батыш четинде жайгашкан; Крым тоолорунун түш. жалчасында. Бийикт. 1545 *м*. Аки таш тегинен түзүлгөн. Таштуу тоо шалбаа, чыгыш этегинде карст ландшафты басымдуу.

РОМАН КӨЮ — тоң жасоого ылайык тери алынуучу кылчык жүндүү порода. 18—19-к-да Ярослав губ-нда жерг. койлорду ылгоо аркылуу чыгарылган. Койдун аты алгач тараган жеринин— Романово-Борисоглеб у-нин (азыркы Ростов обл., Тутай р-ну) наамынан коюлган. Р. к. дүйнөдө тонго ылайык эң сапаттуу тери берет, 6—8 айлык козусунан баалуу көрпө даярдалат, жүнү тыбыттуу, узун, тармал. Жаңы туулган козуларынын өңү кара (тыбытынын өңү 5 айында өзгөрүлө баштайт), соолуктары көк (кылы кара, тыбыты ак), көгүлтүр түскө айланат. Бир жылда үч жолу кыркылат. Кочкору 2,5—3,5 *кг*, тубар кою 1,4—1,7 *кг* жүн берет. Кочкорунун тирүү салм. 65—75 *кг*, соолугу 48—55 *кг*. Жүз тубар койдон 230—250дөй козу алынат, тукумчулдугу м-н айырмаланат, айрымдары бир эле жолу 8 козуга че-



йин тол берет. Р. к. РСФСРдин түн. ж-а түн.-чыгыш областтарында, БССРде өстүрүлөт. Р. к. кылчык жүндүү койлорду жакшыртуу үчүн да пайдаланылат.

РОМАНОВ Григорий Васильевич (7. 2. 1923-ж. т., азыркы Новгород обл., Боровичи р-ну, Зихнов кыш.) — совмамлекеттик ж-а парт. ишмер. 1944-жылдан КПСС мүчөсү. Дыйкан үйбүлөсүнөн. 1953-ж. Ленинграддагы кеме куруу ин-тун сырттан окуп бүтүргөн. Улуу Ата Мек. согуштун (1941—45) катышуучусу. 1946—54-ж. Ленинграддагы А. А. Жданов атн. з-ддо конструктор, сектор начальниги. 1955—57-ж. өшөл эле заводдо КПСС БКнын парторгу. 1957—61-ж. КПССтин Ленинграддагы Киров райкомунун секретары, биринчи секретары. 1961—62-ж. КПССтин Ленинград шааркомунун, 1962—63-ж. обкомунун секретары, 1963—70-ж. экинчи секретары, 1970-ж. сентябрдан биринчи секретары. КПССтин 23—25-съезддеринде БКга мүчөлүккө шайланган. 1973-жылдан КПСС БКнын Саясий бюро мүчөлүгүнө кандидат, 1976-ж. марттан — мүчө. СССР Жог. Советинде (7—10-шайл.) депутат. Үч Ленин ордени, Октябрь Революциясы ордени, башка 2 орден м-н сыйланган.

РОМАНОВДОР — 1613-жылдан 1917-жылдын февралына чейин Россияны бийлеген падышалар ж-а императорлор династиясы. Литваны жердеген байыркы бояр тукумунан чыккан. Алардын түп-теги Андрей Иванович Кобыладан (1350—51) башталат. Р. деп бояр Роман Юрьевичтин атынан аталган (16-к-дын 2-жарымы). 1613-ж. Земский собор патриарх Филореттин 16 жашар баласы Михаил Романовду падыша кылып шайлаган. Р. династиясы (бийлеген жылдары м-н; 1721-жылдан император аталышкан): Михаил Фёдорович (1613—45), Алексей Михайлович (1645—76), Фёдор Алексеевич (1676—82), Иван V Алексеевич (1682—96), Пётр I Алексеевич (1682—1725), Екатерина I (Пётр Iнин аялы; 1725—27), Пётр II (Пётр Iнин небереси, 1727—30), Анна Ивановна (Иван V Алексеевичтин кызы; 1730—40), Иван VI Антонович (Иван V Алексеевичтин чөбүрөсү; 1740—41), Елизавета Петровна (Пётр Iнин кызы; 1741—61), Пётр III (Пётр Iнин небереси; 1761—62), Екатерина II (Пётр IIIнүн аялы; 1762—96), Павел I (Пётр IIIнүн баласы; 1796—1801), Александр I (Павел Iнин баласы; 1801—25), Николай I (Павел Iнин баласы; 1825—55), Александр II (Николай Iнин баласы; 1855—81), Александр III (Александр IIнин баласы; 1881—94), Николай II (Александр IIIнүн баласы; 1894—1917). Р. династиясынын падышалары өзүүчү таптын мүдөөсү үчүн кызмат кылган. Р. династиясы Февр. рев-ясынын натыйжасында кулаган. 1917-ж. 2(15)-мартта Николай II тактыдан баш тарткан. 1918-ж. 17-июлда Екатеринбургда (азыркы Свердловск) Николай II үй-бүлөсү м-н атылган.

РОМАНОВКА — Сокулук р-ундагы Гавриловка айыл советине караштуу кыштак. Шопоков атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Сокулуктан 1 *км* чыгыш тарапта. Шопоков т. ж. станциясынан 4 *км*. Калкы 2267 (1976). Клуб, китепкана бар.

РОМАНС — аспаптын коштоосу м-н жеке үн аткаруучу камералык муз.-поэтикалык чыгарма. «Р.» термини о. кылымда Испанияда ак сөөктөрдүн ыры катары пайда болуп, башка өлкөлөрго тараган. Р. образ, ритм, интонацияны баса көргөзөт, бирок обонго жардыраак. 18-к-дын 2-жарымында Германия, Франция, Россияда синтездүү муз.-поэтикалык жанр катары тараган. Р. өнүгүшүнө көрүнүктүү акындар: И. Гёте, Г. Гейне, А. Пушкин, М. Лермонтов, А. Фет ж. б., орус комп-лору: М. Глинка, А. Даргомыжский, М. Балакирев, П. Чайковский, С. Рахманинов ж. б.; чет өлдик комп-лор: Л. Бетховен, Ф. Шуберт, Р. Шуман, Ф. Шопен ж. б-дын чыг-лыгы таасир эткен. Сов. комп-лор (А. Александров, Н. Мясковский, Д. Шостакович ж. б.) Р-тын классикалык үлгүлөрүн жаратышты. Р-тын элегия, баллада, драмалык монолог, баркарола ж. б. түрлөрү бар. Азыр вокалдык циклдеги, бир нече ырчы үчүн же жеке үн ж-а аспаптык ансамбль үчүн Р. да тараган. Кээде лирикалык мүнөздөгү аспаптык (скрипка, виолончель үчүн) чыг-лар да Р. деп аталат. А. Малдыбаев («Зарема»), М. Абдраев («Жалыныца күйгомун»), С. Осмонов («Сенден алыстамын» вокалдык цикли) ж. б. кыргыз комп-лорунун чыг-лыгынан кеңири орун алган.

Ад.: Васина-Гроссман В. А., Русский классический романс XIX века, М., 1956; её же, Мастера советского романса, М., 1968.

РОМАН СТИЛИ — Европада (негизинен батыш Европада) 10-к-дан — 12-к-га (кээ бир жерде 13-к-га) чейин өкүм сүргөн көркөм стиль. «Р. с.» термини 19-к-дын 20-жылдарында киргизилген. Р. с. диний-феод. идеологиянын күчтүү таасири м-н пайда болгон. Дин турмуштун бардык тармагына үстөмдүк кылгандыктан, чеп тибиндеги монастырлар, чиркөөлөр (Германиядагы Вартбург чеби, Фландриядагы фландрия графтарынын чеби ж-а Испаниядагы Авила ш-ндагы чиркөөлөр) салынган. Имараттар таш, кыштан тургузулун, каалга, терезелерге тор орнотулун, күмбөз, мунаралар курулган. 11-к-дагы Р. с-нде живопись басымдуулук кылса, 12-к-дан тартып *рельеф, рококо* ыкмалары м-н дубал беттерин жасалгалоо, кооздоо күчөйт. Мында көбүнчө кудай кудуретинин күчтүүлүгү экспрессиялуу көрсөтүлүп, ал китеп миниатюрасында, кол өнөрчүлүктө, эмаль, металл, токуучулук ж. б. өнөрлөрдө өнүккөн. Р. с. Франция, Англия, Германия ж. б. өлкөлөрдө өкүм сүргөн.

Ад.: Всеобщая история архитектуры, т. 4, Л.—М., 1966.

РОМАНТИЗМ — Европа ж-а Америка элдеринин духовный мад-тында 18-к-дын аягы — 19-к-дын башында өкүм сүргөн көркөм ж-а идеялык багыт. Р-дин социалдык ж-а идеол. негизин элдин феодализмге ж-а улуттук эзүүгө каршы күрөшү, натыйжасыз рев-ялардан улам агартуучулардын ой-тилектеринин ырасталбашы, коомдук карама-каршылыктардын күчөшү түзгөн. Р. сентиментализм, немец поэзиясындагы «бороон жана кысым» агымы, о. эле англис «готика» романдарынын салттары м-н тыгыз ж-а байланыштуу. Ал — классицизмдин ордун басып, көркөм чыг-лыкта субъективдүү ой басымдуулук кылган көркөм метод. Ушундан улам Р. пускасында жаралган чыг-ларда көбүнчө шарттуу формалар (фантастика, гротеск, символдуулук ж. б.) м-н үкмүш тагдырлуу окуялар, сюжеттер өөрчүтүлгөн. Р. демокр. ж-а реакциячыл багытта өнүккөн. Демокр. багыттагылар бурж. ж-а феод. системага каршы турушуп, көпчүлүк эл массасынын мүдөөсүн жактаткан (Байрон, Шелли, Гюго, Санд, Мицкевич, Петёфи, Рылеев, Пушкин, Лермонтов ж. б.). Реакциячыл багыттагылар (Тик, Шлегель, Новалис, Жуковский ж. б.) өнүгүп жаткан бурж. коомго протест жасашып, иллюзиялуу идеалдарды түзүшүп, о. кылымдын апологеттери катары таанылган. Р-дин кээ салттары *реализмге* өткөн, ал эми рев-ячыл Р. *социалисттик реализмдин* белүнүс бир бөлүгүнө айланган.





Роман стили. 1. Крушвицтеги (Польша) ыйык Пётр ж-а ыйык Павел собору. 12-к. 2. «Падыша Давид» Сантьяго-де-Компостеладагы (Испания) собор жасалгасынын бир бөлүгү. 12-к-дын башы.

Музыкада Р. өзүнчө агым катары 1820-ж. калыптанган. Алгач Австрия (Ф. Шуберт), Германия (Р. Шуман, Р. Вагнер ж. б.) ж-а Италия (Н. Паганини, Ж. Верди ж. б.), кийинчерээк Франция (Г. Берлиоз ж. б.), Польша (Ф. Шопен), Венгрияда (Ф. Лист) таралып, ар өлкөдө өзүнчө улуттук мүнөздө болгон.

Театр өнөрүндө Р. 1810—40-ж. калыптанган. Ири романтик-актёрлор — Э. Кин (Англия), Л. Девриент (Германия), А. Ристори (Италия), М. Дорваль (Франция), П. С. Мочалов (Россия), Ш. Кашмен (АКШ), Г. Эгрешши (Венгрия) ж. б. чыг-лыгын гуманизмге терең жакындаштырып, дүйнөдө өкүм сүргөн адамкерчиликсиздикке нааразылыктарын билдиришкен. Р. театрды таасирдүү каражаттар м-н байытып, реалисттик театрдын негизги принциптерин бекемдеди. Россияда Р. салттарын М. Н. Ермолова, А. И. Южин, П. Адамян, кийин Ю. М. Юрьев, В. К. Папазян, М. Касымов, Ш. Бурханов ж. б. улантышты.

Сүрөт өнөрүндө Р. белгилери живопись м-н графикада көбүрөөк,



Т. Жерико. «Медуза салы». 1818—1819. Париж, Лувр.

скульптурада, арх-рада азыраак байкалган. 18-к-дын аягында Р. Англияда И. Г. Фюслинин живопистик ж-а графикалык чыг-ларында, Испанияда Ф. Гойянын феод. улуттук эзүүгө, зордук-зомбулукка каршы күчтүү нааразылык сезим тартылган чыг-ларында көрүнгөн. Француз рев-ясынын мезгилинде толкундануу м-н жазган Ж. Л. Давиддин портреттери ж. б. картиналарда ачык байкалат. Р-дин ыраттуу мектеби Францияда Реставрация ж-а Июль монархиясынын мезгилинде калыптанган. Ал академиялык классицизмдин жол-жобосуна, догматизмге, чаржайыт рационализмге каршы турган. Р. мектебин негиздөөчү живопистин новатору Т. Жерикөнүн чыг-ларында айланачөйрөдөгү көрүнүштөрго каршылыгы чагылдырылган. Ал—жаңы көркөм каражаттарды издеген рев-ялык пафостуу картиналардын автору. Р. мектебин 1820-жылдан Э. Делакруа жетектеген. Портреттерде адамдын ички дүйнөсүнүн жеке өзгөчөлүгү ачык берилсе, пейзажда жаратылыш стихиясынын күчтүүлүгү көрсөтүлгөн. Р. белгилери Германия, АКШ ж. б. өлкөлөрдүн сүрөтчүлөрүнүн чыг-ларынан орун алган. Россияда О. А. *Кипренский*, С. Ф. Щедрин, И. К. *Айвазовский*, К. П. Брюллов, А. А. Иванов, Н. Н. Ге, А. И. Куинжи ж. б. сүрөтчүлөрдүн портрет, пейзаждарында байкалат.

Ад.: Берковский Н. Я., Романтизм в Германии, Л., 1973; Романтизм в славянских литературах, М., 1973; К истории русского романтизма, М., 1973; Вансалов В., Эстетика романтизма, М., 1966; Живопись французского романтизма. Выставка произведений из собраний музеев Франции. Каталог, М., 1969.

РОМАН ТИЛДЕРИ (лат. romanus — римдик дегенден) — латын тилинен чыккан тектеш тилдердин тобу. *Инди-европа тилдерине* кирет. Р. т-нде 50дөн ашуун өлкөдө 400 млн-дон ашуун киши сүйлөйт; 50дөн ашуун өлкөдө мамл. тил. Бир нече топчого болүнөт: **иберроман** (испан, португал, каталан, галисий тилдери), **галлроман** (француз, провансал тилдери), **италинроман** (италян, сардиния тилдери), **ретороман** (Швейцария ж-а Түн. Италия аймагында жашаган романш, ладин, фриул деген элдердин тили), **балканроман** (румын, молдаван, аромун ж. б. тилдер) ж-а 19-к-да жок болуп кеткен далматин тили. Азыркы Р. т-не зат атооч м-н сын атоочто эки роддун болушу, жондомолордун жоктугу (балкан-роман топчосунан башкасында), артикль ж. б. мүнөздүү.

Р. т-нин өнүгүш тарыхы бир нече этапка болүнөт: 1) б. з. ч. 3-к. — б. з. 5-к. — романдашуу мезгили; 2) 5—9-к — Р. т-нин калыптануу мезгили; латын тилинен ж-а өз ичинен өзгөчө тил катары болуно башташы; 3) 10—16-к. — Р. т-нде жазманын өнүгүшү, алардын социалдык милдетинин кеңиши; 4) 16—19-к. — улуттук тилдердин түзүлүшү; 20-к. — Р. т-нин андан ары өнүгүшү. 16-к-дан Р. т. Европанын чегинен сыртка чыгып, Борб. ж-а Түш. Америкага, Түн. Американын айрым жерлерине, Африка ж. б. жактарга тараган.

Ад.: Сергиевский М. В., Введение в романское языкознание, М., 1952; Романские языки, М., 1965; о. эле к. *Романистика* макаласынан.

РОМАНЮТИН Александр Иванович (1924-ж. т., Казак ССРи, Жамбыл обл., Кордой р-ну, Георгиевка кыш.) — Сов. Союз. Баатыры (1944). Кенже лейтенант. 1942-ж. Сов. Армияга Кант р-ндук аскер комиссариатынан чакырылган. Улуу Ата Мек. согушта 2-, 1-Украин фронторунда 136-аткычтар дивизиясынын 342-полкунун 45 *мм*лүү замбиректер взводунун командири. Воронеж фронтунда салгылашкан. Р. Днепрдин оң жээгиндеги (Киевден түн. тарапта) салгылашта оз батареясы м-н отө чебер маневр жасап, душманды аёосуз талкалаган. Орудиенин расчёту бүт катардан чыкканда Р. өзү жалгыз душмандын 3 замбирегин ж-а 25 фашистти жок кылган. Р. Александр Невский, 1-ж-а 2-дараж. Ата Мекендик Согуш,



Г. В. Романов.



А. И. Романютин.

Кызыл Жылдыз ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. Р. 1945-ж. армиядан кайтып, Алматы ш-нда Автотранспорт ил. из. ин-тунда иштейт.

РОМАШКА (Matricaria) — татаал гүлдүүлөр тукумундагы бир жылдык өсүмдүк уруусу. Анча бийик эмес, жыттуу. Сабагы бутактуу, гүлү майда, чети ак, ортосу сары. 50дөй түрү Евразияда, Африкада; СССРде 4 түрү белгилүү. Болгария, Румыния, Польша ж. б. өлкөлөрдө эгилет. Р-нын гүлү дарылыкка колдонулат. Составында эфир майы, белок, азулен, глюкозид, С витамини, каротин ж. б.

Аптечка ромашкасы. *а* — жара кесик түтүнчө гүлү; *б* — тил сымал гүлү; *в* — уругу; *г* — жара кесик гүлү.

бар. Күрдүү, жумшак топуракта жакшы өсөт. Кырг-ндын бардык жеринде кездешет.

Ад.: Алтымышев А., Лекарственные богатства Киргизии, Фр., 1976.

РОМБ — бардык жактары барабар жалпак төрт бурчтук. Бурчтары тик. Р. квадрат болот. Р-ду жандаш жактары барабар, же диагоналдары өз ара перпендикуляр, же диагоналдары бурчтарды тең экиге бөлгөн параллелограммдын айрым учуру катары карооно болот.



РОМБОЭДР (*ромб* ж-а гр. hédra — негиз, бет) — грандары барабар ромбдордон турган жантык параллелепипед. Р-дин чокуларына тирелген бурчтар барабар. Үчүнчү тартиптеги симметрия огу болгон гана параллелепипед Р. болот. к. *Симметрия*.

РОМБ СИСТЕМАСЫ — оз ара $\alpha=\beta=\gamma=90°$ тик бурчун түзүүчү x, y, z октору б-ча кайталанма мезгилдеринин $a \neq b \neq c$ барабарсыздыгы м-н мүнөздөлүүчү кристаллографиялык система. Бравенин 14 торчосунун ичинен Р. с-па 4 — жөнөкөй, көлөмүнө борборлошкон, негизине борборлошкон ж-а гранына борборлошкон түрү кирет, к. *Браве торчосу*.



М. И. Ромм.



А. Е. Рослова.



Ж. Россини.

РОММ Михаил Ильич [11(24). 1. 1901, Иркутск — 1. 11. 1971, Москва] — сов. кинорежиссёр ж-а сценарист, педагог, СССР эл арт. (1950). 1939-жылдан КПСС мүчөсү. Мамл. жог. корком-тех. ин-ттүн скульптура ф-тетин (1925) бүткөн. Сценарист, режиссёрго ассистент болуп иштеген. Алгачкы (үнсүз) фильмдери: «Болпоч аял» (1934), «Он үч» (1937). Р. «Ленин Октябрда» (1937) ж-а «Ленин 1918-жылда» (1939, В. И. Ленинди ролунда Б. В. Щукин) тарыхый рев-ялык киноэпопеялары м-н сов. кино классикасына ири салым кошкон. Р. «Владимир Ильич Ленин» аттуу документ фильмди (1949) түзүүгө катышкан. Кийин «Орус маселеси» (1948), «Жашырын миссия» (1950), «Адмирал Ушаков», «Кемелер сепилге чабуул коёт» (1953), «Жылдын тогуз күнү» (1962), «Кадыресе фашизм» (1966) фильмдерин койгон. Р-дун көп фильмдери Эл аралык кинофестивалдардын байгелери м-н сыйланган. 1949-жылдан (үзгүлтүк м-н) ВГИКте (1958-жылдан проф.) сабак берген. СССР мамл. сыйл. (1941, 1946, 1948, 1949, 1951) ж-а бир тууган Васильевдер ат. РСФСР мамл. сыйл. (1966) лауреаты. Эки Ленин ордени, Октябрь Революциясы, Эмгек Кызыл Туу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Беседы о кинорежиссуре, М., 1975.

Ад.: Погожева Л., Михаил Ромм, М., 1967; Зак М., Михаил Ромм и традиции советской кинорежиссуры, М., 1975.

РОМУЛ — Рим уламыштарына караганда, Римди негиздөөчү ж-а анын биринчи падышасы [б. з. ч. 754/753—717/716]. Легенда б-ча Р. ж-а анын бир тууганы *Рем* кичил Рея Сильвия м-н Марс кудайынан төрөлгөн. Аларды карышкыр багып, малчы тарбиялаган. Р. сенат ж-а курия сыяктуу ин-ттарды түзүп, аскер курап, рим элин патриций ж-а плебейлерге болгон.

РОНА — Швейцария м-н Франциядагы дарыя. Уз. 812 *км*, алабынын аянты 98 миң *км*². Лепонт Альп тоолорунан (Швейцария) башталат. Женева көлү аркылуу түштүккө карай Рона ойдуңу (Франция) м-н агып, Жер Ортолук деңиздеги Лион булуңуна куят. Башкы куймалары: Эн, Сона, Ардеш (оң), Изер, Дюранс (сол). Кар, мөңгү ж-а жамгыр суулары менен куралат. Жылдык орт. чыгымы 1780 *м*³/*сек*. Р-нын энергиялык, транспорттук ж-а ирригациялык мааниси чоң. Р-да 11 ГЭС бар (1974). Эң д-нын чатынан төмөн кеме жүрөт. Р. Сона д. ж-а бир нече каналдар аркылуу Рейн, Мозель, Маас, Сена ж-а Луара дарылары м-н туташат. Жээгинде Женева (Швейцария), Лион, Валанс, Арль (Франция) ш-лары жайгашкан.

РОНА ОЙДУҢУ Франциянын түш.-чыгышында. Уз. 300 *км*. Рона д-нын ортоңку ж-а төмөнкү агымында, Борб. Франция массиви м-н Альп тоолорунун ортосунда жайгашкан. Деңсоолор м-н болүнгөн ойң жерлерден турат. Климаты мелүүн, субтроптик, жер ортолук деңиздик. Жылдык жаан-чачыны 600—800 *мм*. Дан эгиндери, жүзүм, гүл, Рона д-нын дельтасында шалы өстүрүлөт. Р. о. аркылуу Франциянын түндүгүн түштүгү м-н байланыштыруучу темир ж-а автомобиль жолдору өтөт. Ойдунда Лион, Валанс, Авиньон, Арль ш-лары жайгашкан.

РОНДО (фр. rondeau — айлана дегендей) — түрдүү кайрыктар м-н жацыланып туруучу башкы теманын (рефрен) бир нече ирет кайталанышына негизделген муз. форма. Кайырмалуу элдик ырдан келип чыккан. 17—18-к-да француз клавесинчилеринин музыкасында кеңири колдонулган. Веналык классиктер соната-симф. цикл-деринде пайдаланган. Кийин пьесанын бир формасы катары тараң, азыр ыр жанрына (романс, ария, опера үзүндүсү), балет музыкасына байыр ала баштады.

РОСАРИО — Аргентинадагы шаар. Парана д-нын жээгиндеги порт. Калкы 810,8 миң (1970). Ташылган жүктүн өлчөмү б-ча өлкөдө 2-орунда. Т. ж. тоому. Аргентинадагы ири о. ж. борборлорунун бири. Негизинен ун тартуу, булгаары-бут кийим, болот-прокат чыгарат. Эт, химия, цемент, жыгач даярдоо о. ж. ишканалары иштейт. Ун-т бар.

РОСЛОВА Александра Егоровна (5. 8. 1926-ж. т., Кемеров обл., Белов р-ну, Старые Пестери кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1977), Кыргыз ССРинин эмг. син. куруучусу (1976). 1970-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1941-ж. Кемероводогу «Сигнал» шахтасында баштаган. 1960—67-ж. Фрунзе ш-ндагы №2 курулуш-монтаждоо башкармасында сырдоочу, 1968-жылдан бригадир. Анын бригадасы планды дайыма 140—150%ке аткарат. Кырг-н КП БКнын мүчөлүгүнө кандидат (1976). КПССтин 25-съездинин делегаты. Ленин ордени, Октябрь Революциясы, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медаллар м-н сыйланган.

РОСС ДЕҢИЗИ — Тынч океандагы четки деңиз. Антарктиданын жээгинде, Адэр ж-а Колбек тумшуктарынын ортосунда. Аянты 960 миң *км*², терең. 700 *м*-ге чейин. Түш. бөлүгү Росс шельф мөңгүсү, түндүгү калкыма муздар м-н капталган. Айсберг көп. Суунун жылдык орт. темп-расы —1°Сден төмөн, жайында кээде 2°Сге чейин жетет. Туздуулугу 33,75—34,4‰. Суткасына 2 жолу ташкындоо болот; бийикт. 1 *м*-ге чейин. Түлөн ж-а кит мекендейт. Деңиздин 1841-ж. англ. уюл изилдөөчү Ж. К. Росс ачкан.

РОССЕЛЛИНИ Роберто (8. 5. 1906-ж. т., Рим) — италия кинорежиссёру. 1934-жылдан кинодо иштеген. Ф. Де Робертис м-н бирге «Ак корабль» (1941), «Учкуч кайтып келет», «Крестчен адам» (экөө тең 1942), неореализм манифести болуп калган «Рим — ачык шаар» (1945), антифаш. «Пайза» (1946), кийин «Европа 51» (1951), «Эркиндик кайда?» (1952), демокр. күймылдын таасиринде «Индия 1958» (1958), «Генерал Делла Ровере» (1959), «Римдеги түн болчу» (1960) фильмдерин койгон. 60-жылдары телекорсотчудө иштеп, тарыхый телефильмдер тарткан. 1975-ж. «Италия, биринчи жыл» көркөм фильмин жаратқан.

РОССИНИ Жоаккино Антонио [29. 2. 1792, Пезаро — 13. 11. 1868, Париждин жанында, Пасси (1887-ж. соогу Флоренцияга көчүрүлүп кеткен)] — италян композитору. Музыканттардын үй-бүлөсүнөн. Бала кезинен ырдоого, чембалодо, скрипкада ойноого үйрөнүп, муз. теориядан билим алган. Болонья муз. лицейинде окуган. 1806-жылдан Болонья филармония академиясына мүчө. 1810-жылдан опералык композитор катары маалым. Неаполдун «Сан-Карло» театры үчүн «Отелло» (Шекспир б-ча, 1816), «Моисей Египетте» (1818), «Магомет II» (Вольтердин трагедиясы б-ча, 1820), «Зельмира» (1822), «Севильялык чач тарач» (1816), «Золушка» (1817), «Сааттуу сагызган» (1817) ж. б. операларды жазган. 1824-жылдан Парижде жашап, Италян театрын негиздөөчү ж-а муз. жетекчи, 1826-жылдан король композитору ж-а ыр б-ча башкы инспектор. Франция опералык иск-восун өздөштүрүп, «Магомет II», «Моисей Египетте» операларын кайра иштеп чыккан (Парижде «Коринф курчоосу», «Моисей» деген ат м-н коюлган; 1826—27-ж.) ж-а «Граф Ори» (1828) комедиялык операсын, 1829-ж. Франциядагы Июль рев-ясынын алдында «Вильгельм Телль» аттуу акыркы операсын жазган. 1836—55-ж. Флоренцияда жашап, Болонья муз. лицейин жетектеген. 1855-ж. кайра Парижге келген. Р. 40тай опера, фортепианолук ж-а вокалдык чыгармалардын автору. Анын чыгармачылыгы 19-к-дагы Италия иск-восунун өсүшүнө чоң таасирин тийгизген. Кыргыз опера ж-а балет театрында Р-нин «Севильялык чач тарач» операсы коюлган (1954, 1969).

Ад.: Бронфин Е. Ф., Джоаккино Россини. Жизнь и творчество в материалах и документах, М., 1973.

РОССИЯДАГЫ 1905—07-ЖЫЛКЫ РЕВОЛЮЦИЯ — империализм доорундагы биринчи элдик рев-я. Социалдык мазмуну б-ча 1905—07-ж. рев-я бурж.-демокр. болуп, падышалыкты кулатуу, демокр. респ-каны орнотуу, 8 саат жумуш күнүн киргизүү, помещик жерин конфискациялоо, сословиелик теңсиздик м-н улуттук эзүүнү жоюу максатын көздөгөн.

20-к-дын башында падышалык Россия империализмдин бардык карама-каршылыктарынын түйүнү, капит., колон. ж-а согуштук эзүүнүн чордону болгон. 1900—03-ж. о. ж. кризиси эмгекчилердин абалын андан ары оордоткон. Жумушчу м-н дыйкандардын күрөшү уламдан улам рев-ячыл мүнөз алып отурган. Орус пролетариатынын үюшул чыгууларына большевиктер партиясы жетекчилик кылган. Өлкөдө элдик рев-янын толгоосу жетип турган. 1901—04-ж. Петербург, Батуми, Баку, Украина ж. б. жерлерде ири иш таштоолор болуп, Россия дүйн. рев-ячыл күймылдын борборуна айланган. *Орус-япон согушу (1904—05)* рев-янын чыгышын тездеткен.

Рев-я 1905-ж. 9-январдагы окуялардан башталган. Бул күнү падыша Николай II-нин буйругу б-ча ага петиция тапшырганы бараткан Петербург жумушчуларынын тынч демонстрациясы атылган [к. *Тогузунчу январь (1905)*]. Падышалыктын бул кандуу кылмышына Россиянын пролетариаты саясий иш таштоолор м-н жооп кылган. 1905-ж. янв.— мартта өлкөдө 810 миң жумушчу иш таштаган. Петербург, Москва, Рига, Бакудагы иш таштоолор уюшумдуу өткөн. Жумушчулар 1-майда полиция ж-а аскерлер м-н кагылышкан. Большевиктердин Түн. комитети жетектеген Иваново-Вознесенскидеги 70 миң жумушчунун иш таштоосу (12-май — 23-июнь) чоң саясий маанеге ээ болгон. Алар Россияда эң туңгуч Жумушчу депутаттар советин түзгөн (к. *Иваново-Вознесенск стачкасы).* Жаздан баштап дыйкандар толкундоолору борб. райондорду, Волга боюн, Закавказьени кучагына алган. 1905-ж. июнда Кара деңиз флотунда моряктардын көтөрүлүшү чыккан. Рев-ялык күймылга коомдун бардык таптары тартылган. 1905—07-жылдагы рев-янын негизги күймылдаткыч күчү ж-а жетекчиси пролетариат ж-а ага союздаш болууга жарамдуу дыйкандар болгон. Либералдык буржуазия болсо конституциялык монархия м-н тил табышууга аракет кылган контррев-ячыл күч бойдон калган. Большевиктер рев-яны жогорулатуу, куралдуу көтөрүлүш жолу м-н падыша бийлигин кулатуу, жумушчу табынын гегемониясын ж-а анын дыйкандар м-н союзун түзүү, пролетариат ж-а дыйкандардын рев-ячыл-демокр. бийликти жеңип алуу маселелерин бир кылка алып жүргөн.




Өлтүрүлгөн жумушчуларды көмүү маегилинде Ташкенде өткөн демонстрация. 1905, окт.

1905-ж. РСДРПнин 3-съезди В. И. Ленинди жетекчилиги м-н партиянын тактикалык багытын иштеп чыккан. Рев-янын жакынкы милдеттери деп падыша бийлигин кулатуу ж-а демокр. респ-каны орнотуу, помещиктердин жерин конфискациялоо, 8 саат жумуш күнүн киргизүү, Россиядагы эзилген элдерди улуттук теңдик ж-а өз тагдырын өзү чечүү укугу м-н камсыз кылуу табылган. Меньшевиктер ошол эле мезгилде Женевада өткөн конф-ясында большевиктердин рев-ячыл тактикасына оппортун. тактиканы каршы койгон. Большевиктер В. И. Ленинди жетекчилиги м-н жумушчуларды куралдандыруу, куралдуу көтөрүлүш даярдоо, күжүрмөн коштоондорду түзүү иштерин кеңири жайылткан. Падыша өкмөтү рев-яны репрессия жолу м-н баса албасына көзү жетип, мант берме саясатка өткөн. 1905-ж. 6-августта Николай II *Булыгиндик дума* ж-догу манифестин жарыялаган. Пролетариаттын рев-ячыл күрөшү падышанын ал думаны чакыруусуна жолто кылган. 1905-жылдын күзүнөн рев-ячыл күймыл бүт өлкөнү каптаган. *Октябрдагы Буткул россиялык саясий иш таштоого* 2 млн-дон ашуун жумушчу, кызматкер ж. б. катышкан. Өлкөнүн ири борборлорунда толкундоолор күчөгөн. Финляндия, Польша, Закавказье, Сибирде улуттук-бошт. күймыл кеңири кулач жайган. Окт.— декабрда ири шаарлар м-н жумушчу борборлордо Жумушчу депутаттар советтери түзүлгөн. Октябрдагы жалпы иш таштоо падыша өкмөтүн элге гражд. укук берүү ж-дө *он жетинчи октябрь манифестин* жарыялоого аргасыз кылган. Манифест элди алдоо, убакыт утуу, рев-яны талкалоо максатын көздөгөн. 1905-ж. ноябрда эмиграциядан келген В. И. Ленин рев-ячыл күймылга ж-а куралдуу көтөрүлүштү даярдоого жетекчилик кылган. Москвада (9-дек.), о. эле Красноярск, Новороссийск, Грузия, Украина, Латвия ж. б. жерлерде да куралдуу көтөрүлүштөр чыкан. Булар бүткүл россиялык жалпы көтөрүлүшкө айланбай, натыйжада падыша өкмөтү тарабынан ырайымсыз басылган. *Декабрь куралдуу көтөрүлүштөрү* рев-янын эң жог. чеги болгон. 1906-ж. иш таштоолорго 1 млн-дон ашык жумушчу, 1907-ж. 740 миң жумушчу катышкан. Армияда, флотто (к. *Кронштадт көтөрүлүштөрү)* толкундоолор боло берген, улуттук-бошт. күймыл да күчөгөн (Закавказье ж. б.). 1907-ж. 3-июнда 2-мамл. думаны таратып, падыша өкмөтү рев-ялык күймылды катаал репрессия м-н баса баштаган.



Күжүрмөн коштоон Малый Бронный көчөсүндө чабуулга чыгар алдында. Москва. 1905, дек.



С. В. Иванов. «Дубал түбүндө. 1905-жылдан көрүнүш». Офорт.

Акыры бул рев-ялык күймыл басаңдап, жеңилүүгө кириптер болгон. Анткени 1905—07-ж. рев-яда падышалыкка каршы жумушчулар м-н

дыйкандардын бекем союзу жок болчу; армия болсо мурункудай эле падышалыктын жумушчу ж-а дыйкандардын ич таштоосун, которудушун басуудагы жологу бойдон калган. Рев-яда жумушчу, дыйкан ж-а солдаттардын чыгууларын бирдиктүү рев-ячыл күчкө айландыруу ишке ашпай, РСДРП эки топко (большевик, меньшевик) болүнүп калган. Рев-яның жеңилишине падышалыкты батыш европ. империалисттердин колдоосу ж-а Россия м-н Японияның тынчтык келишим түзүшү жардам берген. Бирок жеңилишине карабастан 1905—07-ж. рев-я Европа, Азияның бир катар өлкөлөрүндөгү рев-ячыл күймылдын чыгышына түртүк, орус жумушчу табы м-н дыйкандарга чоң саясий тажрыйба берип, 1917-ж. Февр. рев-ясының тез жеңишин даярдаган. В. И. Ленindин аныктамасы б-ча ал Улуу Окт. соц. рев-ясының «генералдык репетициясы» болгон. Кырг-ндагы 1905—07-ж. рев-ялык окуялар ж-дө к. атайын том *Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы.*

Ад.: Ленин В. И., Россиядагы революциянын башталышы, Чыг., кырг. 1-бас., 8-т.; ошонуку, Социал-демократиянын демократиялык революциялагы эки тактикасы, ошондо, 9-т.; ошонуку, Революциянын сабактары, ошондо, 16-т.; ошонуку, Орус революциясы жана пролетариаттын милдеттери, ошондо, 10-т.; Первая русская революция 1905—07 гг. Аннотированный указатель литературы, М., 1965.

РОССИЯДАГЫ БУРЖУАЗИЯЛЫК-ДЕМОКРАТИЯЛЫК ФЕВРАЛЬ РЕВОЛЮЦИЯСЫ, к. *Февраль буржуазиялык-демократиялык революциясы (1917).*

РОССИЯДАГЫ ГРАЖДАНДЫК СОГУШ ЖАНА ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ИНТЕРВЕНЦИЯ (1918—20) — Сов. Россиянын Компартия жетектеген жумушчу табы м-н дыйкандарынын Сов. Ата Мекендин көз карандысыздыгы ж-а эркиндиги, Улуу Окт. соц. рев-ясының жеңиштери үчүн ички ж-а тышкы контррев-ячыл күчтөргө каршы күрөшү. Согушту кулаган тап — буржуазия м-н помещиктер Совет бийлиги орнору м-н баштаган. Ички контррев-яның күчтөрүн бурж. ж-а майда бурж. партиялар (кадет, меньшевик, эсер ж. б.), улуттук райондордо бурж. улутчулдар (к. *Улутчулдук*) уюштурган. Контррев-яның биринчи куралдуу чыгуусу *Керенский-Краснов козголону* (1917-ж. нояб.) болгон. Ошол эле мезгилде Совет бийлигинин душмандары Петроградда, Москвада козголоң чыгарууга аракеттенишкен. Могилёвдогу орус армиясынын ставкасында Совет бийлигине каршы заговор уюштурулган, бирок ал Кызыл Гвардиянын жумушчу отряддары ж-а рев-ячыл солдат, матростор тарабынан басылган. 1917-ж. ноябрда башкырт ж-а казак улутчулдарына, бай казак орустарга таянган генерал Дутов Совет бийлигине каршы чыккан. Алар Оренбургду басып алып, Волга боюм-н Уралдагы о. ж. райондоруна коркунуч туудурган. 1918-ж. январда Дутовдун бандаларын Кызыл Гвардия отряддары талкалаган. Контррев-яның дагы бир чордону Дон ж-а Кубань болгон. 1917-ж. декабрда атаман Каледин жетектеген ак казак орустар Ростов-на-Дону м-н Таганрогду басып алып, Донбасска карай бет алган. Коммунисттик партия жетектеген жумушчу табы 1918-ж. февралда Калединдин аскерин да талкалаган.

Бир нече ай ичинде Совет бийлиги негизинен өлкөнүн бардык жеринде орногон. Бул аябагандай чоң жеңиш эле, бирок аны чындап үчүн Совет мамлекети импер. согуштан чыгыш керек болчу.

1917-ж. 26(8. 11)-октябрда Советтердин бүткүл россиялык 2-съезди *Тынчтык жөнүндө декрет* кабыл алган. Совет өкмөтү согушун жаткан бардык өлкөлөргө согушту токтотуу, адилеттүү ж-а демокр. тынчтык түзүү сунушу м-н кайрылган. Антанта өлкөлөрү бул сунушка жооп берген эмес. 1917-ж. 20(3. 12)-ноябрда Совет өкмөтү аргасыздан Германия м-н Брест-Литовскиде сепараттык сүйлөшүүлөр баштаган. Герман империалисттери талоончул шарттар койгон. Сов. делегациянын башчысы Троцкийдин күнөөсү б-ча сүйлөшүүлөр үзүлүп, 1918-ж. 18-февралда немец аскерлери биздин өлкөгө каршы чабуулга өткөн. ЭКСтин атайын декрети б-ча курала баштаган Жумушчу-Дыйкан Кызыл Армиясынын болүктөрү согушка биринчи жолу катышкан. Февралдын экинчи жарымында Кызыл Армия Псков м-н Нарванын жанында ж-а Белоруссияда катуу каршылык көрсөткөн. Натыйжада Германия өкмөтү орус фронтунда согуш аракетинин токтоп калышынан коркуп, тынчтык ж-дө сүйлөшүүлөрдү кайрадан баштоого аргасыз болгон. 3-мартта Сов. Россияны кыйын абалда калтырган тынчтык келишимин түзүлгөн. Ошентсе да *Брест тынчтыгы (1918)* Совет бийлигинин ири саясий жеңиши болгон. Ал Совет өлкөсүн согуштан чыгууга, Совет бийлигин чындоо үчүн убакыт утууга, Кызыл Армияны жакшылап курооого ж-а соц. экономиканын негизин түзүүгө мүмкүндүк берген. Бирок Антантанын кол салышына байланыштуу тынч мезгил аяктаган. 1918-жылдын жазы-жайында Антанта аскерлери Сов. Түндүкө, Ыраакы Чыгышка кол салып, *Чехословак корпусунун козголону* башталган. Козголоң Волгадан Владивостокко чейинки айматы камтып, Волга боюм-н Сибирде ак гвардиячыл кулактардын баш көтөрүшүнө түртүк берген. Душман басып алган райондордо контррев-ячыл «өкмөттөр» түзүлүп, ак гвардиячыл армиялар куралган. 1918-ж. жайында Волга боюм, Урал, Сибирди басып алып, Москвага карай казатка камынган чехословак козголоңчулары м-н ак гвардиячылардан турган Чыгыш фронту Совет респ-касынын башкы майданына айланган. Совет өлкөсүнүн оор абалынан пайдаланган герман баскынчылары Украинадан өтүп, Ростов ж-а Таганрогду басып алып, Крымга кирген. Генерал Краснов Царицынга чабуул койгон. Өлкөнүн борборундагы контррев-ячыл элементтер да жандана баштаган. 1918-ж. июнда Москвада *солчул эсерлер,* Ярославлда, Чыгыш фронтунда эсерлер козголоң чыгарган. Жумушчу табы Коммунисттик партиянын жетекчилиги м-н душман козголоңдорун ж-а заговорун баскан. Ички согуштун айынан Сов. Россия сырьё ж-а азык-түлүк райондорунан болүнүп, ото кыйын абалда калган. Натыйжада бүт өлкө согуш лагери деп жарыяланып, «Бардыгы фронт үчүн!» ураяны коюлган. 1918-ж. 30-ноябрда В. И. Ленин жетектеген Жумушчу-Дыйкан Коргонуу Совети түзүлгөн. 1918-жылдын 2-жарымында Кызыл Армия душмандан Волга боюн тазалап, актарды Уралга карай сүрүп, Чыгыш фронтунда да бир катар ири жеңиштерге жеткен, Түш. фронтто болсо генерал Красновдун аскерлерине сокку урулган. Биринчи дүйн. согушта Германия жеңилген соң, 1918-жылдын аягында Антанта Сов. Россияга каршы согуш кысымын күчөткөн, ички контррев-яның бардык күчүн бириктирүүгө аракеттер жасаган. 1918-ж. ноябрда адмирал Колчак Омскиде «Россиянын жогорку башкаруучусу» деп жарыяланган. Ага Антанта бардык ак гвардиячыл күчтөрдү баш ийдирип, күчтүү армия түзүүгө жардам берген. Генерал Деникин түштүктөгү контррев-яны жетектеген. Антанта аскерлери Севастополго ж-а Одессага, эскадрасы Балтика деңизине кирген. Душман бир мезгилде бардык жактан туташ чабуулга өтүүгө даярданган. Бирок Антантанын бул планы 1918—19-ж. кышында ишке ашкан эмес. Буга Кызыл Армиянын чабуулу ж-а Украина, Белоруссия, Прибалтика эмгекчилеринин бошт. күймылы тоскоол кылган. Чыгыш фронтунда Кызыл Армия колчакчыларга каршы чабуулга өткөн. Германиядагы рев-ядан кийин (ноябрь, 1918) Брест тынчтыгы жокко чыгарылып, Кызыл Армиянын белүктөрү украин элинин интервентерге ж-а ички контррев-яга каршы бошт. күрөшүнө жардам берген. 1919-ж. башында Украинанын басымдуу болүгү бошотулуп, Кызыл Армиянын жеңиштери Совет өлкөсүнүн ички ж-а тышкы абалын чыңдаган. Антанта аскеринин арасында ырк кетип, айрым солдаттар ж-а матростор Россиянын жумушчу ж-а дыйкандарына каршы согушуудан баш тартткан. Рев-ячыл толкун Европа м-н Американы кучагына алып, «Россиядан колуңду тарт!» күймылы көцири жайылган. Өз аскерлеринен үмүт үзгөн Антанта ак гвардиячыл генералдардын (Колчак, Деникин, Юденич ж. б.) аскерлерине дем байлаган.

1919-ж. мартта Антантанын биринчи казаты башталган. Түштүктөн кирген Деникиндин армиясы м-н, түндүктөн кирген интервенттердин ж-а Миллердин аскерлери м-н бирдикте Москвага чабуул коюу максатын коздогон Колчактын армиясы башкы соккуну Чыгыш фронтунан урган. Колчакчылар сан жагынан көптүк кылып, Антантадан курал-жабдык алып турган. Адегенде душман чабуулду ийгиликтүү жүргөн. 1919-ж. апрелде Чыгыш фронттогу абал ото кыйындаган. РКП(б) ж-а Коргонуу Совети Чыгыш фронтту чыңдоо үчүн шашылыш чаралар көргөн. БКнын үндөөсү б-ча армияга миңдеген коммунист, комсомол, жумушчулар мобилизацияланган. 1919-ж. 20-апрелде Чыгыш фронтунун Түш. тобунун аскерлери контрчабуулга өткөн. Бул операцияны М. В. Фрунзе м-н В. В. Куйбышев жетектеген. Фронттун аскерлеринин жалпы чабуулунун натыйжасында июнда Колчактын негизги күчтөрү талкаланган. 1919-жылдын 2-жарымында Уралдын ж-а Сибирдин көп бөлүгү бошотулган. 1919-ж. жазында Түш. фронтто Деникиндин аскерлери чабуулга өткөн. Оор согуштардан кийин гана сов. аскерлер душмандын алга жылышын токтоткон. 1919-ж. май айында Петроградды каратуу максатында Батыш фронтто Юденич ж-а Родзянконун аскери, ак эстондор, ак финндер чабуулга өткөн. Ага Антанта тобу катышкан. Душман Петрограддын босогосунда талкаланып, Эстония чек арасына сүрүлгөн. Колчак армиясынын негизги күчтөрү талкаланган соң Деникин армиясы Антантанын сокку уруучу башкы күчүнө айланган.

1919-ж. июнь — июлда Антантанын экинчи казаты башталган. Деникин аскерлери Москваны карай чабуулга өткөн. Ак гвардиячылар жакшы куралданган мыкты атчан армия куран алган. Кызыл Армия айгышкан каршылык көрсөтүп, бирок чегинүүгө мажбур болгон. Октябрда душман Тулага жакындап, Совет респ-касына коркунуч туулган. 1919-ж. 9-июлда РКП(б) БКнын Ленин жазган «Бардыгы Деникинге каршы күрөшкө» деген каты жарыяланган. Түш. фронтко коммунист, комсомол, жумушчулар мобилизацияланып, башка фронттордон аскерлер жиберилген. РКП(б) БК душманды талкалоо планын иштеп чыккан. 1919-ж. октябрда сов. аскерлер кайра чабуулга өтүп, Орёл ж-а Воронеж жанында душманды талкалаган. Деникинчилерди талкалоодо сов. атчан аскерлер (С. М. Будённыйдын атчан корпусу, Биринчи атчандар армиясы) чоң роль ойногон. Деникиндин тылында дыйкандар массалык көтөрүлүшкө чыккан. 1920-ж. февралда Украинанын түштүгүндө ж-а Түн. Кавказда калган Деникин аскерлери калдыгы жоюлган. Деникиндин чабуулуна Минскини басып алган ак поляктар ж-а Юденич жардам берген. 1919-жылдын аягында Юденич толук талкаланган. Аны колдогон эстон буржуазиясы Сов. Россияга каршы согушту улантуудан корккон. 1920-ж. Совет-Эстон тынчтык келишими түзүлгөн. 1919-жылдын 2-жарымында — 1920-жылдын башында Кызыл Армия партизандар м-н бирге Сибирди бошотуп, Колчак армиясын толук жойгон. Түндүктө сов. аскерлер Миллер м-н интервенттердин армиясын талкалап, Архангельск м-н Мурманскинин бошоткон. Антанта Сов. Россияны курчоого алууну токтотууга аргасыз болгон. Өлкө убакгылуу тынигуу алган.

1920-ж. апрелде Антантанын үчүнчү казаты башталган, анда сокку уруучу күч бурж.-помещиктик Польша [к. *Совет-Польша согушу (1920)*] ж-а Крымдагы генерал Врангелдин армиясы болгон. Польша аскери Украинага кирип, Врангель Донбасска бет алган. Батыш ж-а Түш.-Батыш фронттогу сов. аскерлер контрчабуулга өтүп, Львов ш-на ж-а Висла д-на чыккан. Узак чабуулдан алсыраган Кызыл Армия Висладагы (13—25-авг.) салгылашта оор жоготууларга учурап, чыгышка карай чегинө баштаган. Бирок согуштан тукулжураган бурж.-помещиктик Польша чабуулун уланта албай, 1921-ж. 18-мартта Рига да тынчтык келишимге аргасыз кол койгон. Коп узабай Кызыл Армия Врангелди талкалаган. 1920-ж. ноябрда Түш. фронттун аскерлери М. В. Фрунзенин жетекчилиги м-н Перекопту ээлеп, Крымды бошоткон. Ошону м-н интервенттердин ж-а актардын негизги күчү ойрондолгон. 1920-ж. О. Азиядагы контррев-яның негизги очоктору жоюлуп, Закавказье бошотула баштаган. 1920—22-ж. сов. аскерлер ж-а партизандар Чыгыш Сибирди ж-а Ы. Чыгышты ак гвардиячылар м-н интервенттерден тазалаган. Гражд. согуш мезгилинде көрүнүктүү аскер башчылары (М. В. *Фрунзе,* В. И. *Чапаев,* Г. И. *Котовский,* С. Г. *Лазо,* Н. А. *Щорс,* С. М. *Будённый* ж. б.) өсүп чыккан. Бул согушта Сов. респ-ка интервенттер м-н ички контррев-яны талкалап, мамлекеттин көз карандысыздыгын сактап калган; жаңы коомдук түзүлүштүн жеңилбестигин далилдеп, бүткүл дүйн. тарыхый жеңишке жеткен. Эмгекчилердин кызыкчылыгы үчүн жүргүзүлгөн Гражд. согуш Совет өлкөсү үчүн адилеттүү болуп, эл аралык пролетариаттын интервенцияга каршы рев-ячыл күрөшүн жеңилдеткен. Гражд. согуштун жүрүшүндө жумушчу табы м-н эмгекчи дыйкандардын согуштук-саясий союзу чыңдалып, душманды жеңүүдө чечүүчү роль ойногон. В. И. Ленин баштаган партиянын жетекчилиги Кызыл Армиянын жеңишинин маанилүү шарттарынан болгон. Коргонууга бардык күчтү бириктирүүдө Коммунисттик партиянын биримдиги чечүүчү роль ойногон. Совет өлкөсүнүн эмгекчилеринин Гражд. согуштагы жеңиши Улуу Окт. соц. рев-ясының жеңиштерин чыңдаган, социализмди куруугa шарт түзгөн. Кырг-ндагы гражд. согуш ж-дө к. атайын том *Кыргыз Советтик Социалисттик республикасы.*

Ад.: История гражданской войны, М., 1959; Из истории гражданской войны в СССР, т. 2, М., 1961; Иностранная военная интервенция и гражданская война в Средней Азии и Казахстане, т. 1—2, А.-А., 1963—64.

«РОССИЯДА КАПИТАЛИЗМДИН ӨНҮГҮШҮ. Ири онор жайчүчүнчи рынокту түзүлүү процесси» — Россиянын 19-к-дын акыркыдагы экономикасы ж-а социалдык-саясий түзүлүшү изилденген В. И. Ленindин эмгеги. 1899-ж. мартта «Владимир Ильин» деген жашыруун ат м-н басылып чыккан. Марксчыл экон. теорияга ири салым кошуу м-н бул эмгек *«легалдык марксизмге»* каршы багытталып, 80—90-жылдарда Россияда рев-ячыл марксизмдин таралышына ж-а марксчыл партияны түзүүгө тоскоолдук кылган народниктерди идеялык жактан талкалаган. 1-главада Россияда капитализмдин өнүгүү мүмкүнчүлүгүн таңган либералдык народниктердин теориясы сындалган. 2-главада реформадан кийинки Россиядагы дыйканчылыктын капит. эволюциясына мүнөздөмө берилген. 3-главада В. И. Ленин помещик чарбасынын акырындан капит. чарбага айлануу процессин ачып, Россиянын а. ч-нда капитализмдин өнүгүү өзгөчөлүгүн — крепостнойчулуктун калдыктарынын сакталышын, о. эле кедей дыйкандардын жакырданышы анын рев-ячылдыгынын булагы экендигин көрсөткөн. 4-главада дыйканчылыкта капитализмдин өнүгүшүнүн жалпы көрүнүшү берилген. 5—7-глава өө. ж-да капитализмдин өнүгүшүнүн жөнөкөй капит. кооперация, мануфактура ж-а ири машина индустриясы стадияларына арналып, Россия о. ж-да капитализмдин өнүгүшүнүн ушул үч стадиясы тең орун алгандыгын далилдеп, народниктик доктринаны төгүндөгон. Акыркы 8-главада Ленин Россияда капитализмдин көцири ж-а терең жайылып бара жаткандыгын, феодализмге караганда капитализмдин прогрессивдүү экендигин белгилеген. 1908-ж. эмгек 2-жолу басылып чыккан. Анда В. И. Ленин 1897-жылдагы 1-эл каттоонун жыйынтыгы б-ча Россиянын таптык составын ачык көрсөткөн. Бардык 125,6 млн калктын 3 млн-го жакыны буржуазия ж-а помещик, 23,1 млн-у оокаттуу, 35,8 млн кедей, майда чарба ээси, 22 млн пролетарий (жарым пролетарийлерди кошкондо 63,7 млн) болгон. Бул фактылардан улам В. И. Ленин пролетариат табы аз күч эместиги, ал жарым пролетарлар м-н бирге олуттуу коомдук күч түзөрү,

рев-ячыл күрөшто аны көп мың-догон айылдык пролетарий ж-а жарым пролетарийлер колдоору, демек жумушчу табы соц. рев-ява гана эмес, бурж.-демокр. рев-яда да жетекчи күч болору ж-дө олуттуу корутунду жасаган. В. И. Ленин бул эмгегинде бурж.-демокр. рев-яда пролетариаттын жетекчилиги м-н жумушчу табы м-н дыйкандардын союзунун, ал эми пролетардык рев-яда жумушчу табынын кедей дыйкандар м-н союзунун зарылдыгын экон. жактан негиздеген. Эмгек экон. ж-а социалдык кубулуштарды талдоодо зор методологиялык маанинге ээ. 1917—73-жылдарга чейин эмгек СССР элдеринин 20 тилинде ж-а 10 чет тилде 3,4 млн-дой нуска м-н 75 жолу басылып чыкты.

Ад.: Ленин В. И., Россияда капитализмдин өнүгүшү, Чыг., кырг. 1-бас., 3-т.

«РОССИЯЛЫК СОЦИАЛ-ДЕМОКРАТИЯЛЫК ЖУМУШЧУ ПАРТИЯСЫНЫН МАНИФЕСТИ» — с.-д. партиянын негизделишин ж-а максаттарын жарыялаган декларация. Манифест 1898-ж. мартта *РСДРПнин 1-съездинин* чечими б-ча түзүлүп, 1898-ж. апрелде өзүнчө баракча болуп чыккан. Анда РСДРП Россиядагы мурда өткөн рев-ячыл кыймылдын иши ж-а салтын улантат, бирок күрөштүн башка ыкмаларын колдонот деп көрсөтүлгөн; жеке бийликти кулатып, элдин салсий эркиндигине жетүү жакынкы милдет катары коюлган; бул милдеттерди аткаруу жумушчу табынын социализм үчүн андан аркы күрөшүнүн зарыл шарттары деп табылган. Манифест келечектеги рев-лдагы Россия пролетариатынын чечүүчү ролун белгилеп, РСДРПнин эл аралык с.-д. кыймылдын бир бөлүгү катары караган. Манифест Россия пролетариатынын ж-а анын партиясынын демокр. ж-а соц. милдеттерин кыска, жалпы формада белгилесе да Россия социал-демократиясынын эң биринчи документи катары маанисин зор.

Ад.: Первый съезд РСДРП. Март 1898 г. Документы и материалы, М., 1958; Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын тарыхы, Фр., 1971.


«РОССИЯНЫН БАРДЫК ГРАЖДАНДАРЫНА КАРАТА» — большевиктер партиясынын жеке бийлик кулаганын ж-а бурж.-демокр. рев-янын негизги талаптарын жарыялаган манифести. Манифест учурдун башкы милдеттерин (пролетариат ж-а дыйкан диктатурасынын рев-ячыл-демокр. өкмөтүн түзүү, демокр. реси-каны орнотуу, 8 саат жумуш күнүн киргизүү, помещик, монастырь жерлерин конфискациялоо ж-а аны элге берүү, Учредительдик жыйынды чакыруу, контррев-янын кыр корсотүүлөрүн басуу) белгилеген; калкты ж-а армияны камсыз кылуу үчүн азык-түлүктүн бүт запасын конфискациялоону сунуш кылган. Манифестте Жумушчу ж-а солдат депутаттарынын совети которулуштүн органы экени түздон-түз эскертилген эмес, бирок Петрограддын большевиктери өзүнчө эле учурда Жумушчу депутаттарынын советтерин түзүүгө чакырган баракча чыгарышкан. В. И. Ленин БКнын согуш ж-а тынчтык маселелери ж-дөгү тактикасы меньшевиктердин оппортун. тактикасына карама-каршы турган ж-а чыныгы соц.-рев-ячыл тактика экендигин белгилеген. Манифест массанын негизги талаптарын чагылдырып, алардын кийинки күрөшүн уюштурууга жардам берген, большевиктердин таасирининн өсөндүгүн көрсөткөн.

Ад.: Революционное движение в России после свержения самодержавия. Сб. документов, М., 1957; Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын тарыхы, Фр., 1971.

«РОССИЯНЫН ЖАНА ЧЫГЫШТЫН БАРДЫК МУСУЛМАН ЭМГЕКЧИЛЕРИНЕ» — РСФСР ЭКСтин улут маселеси б-ча Совет мамлекетинин саясатынын маңызын көрсөткөн үндөөсү. 1917-ж. 22-ноябрда В. И. Ленидин колу коюлуп жарыяланган. Анда Совет өкмөтү Россиянын мусулман эмгекчилерине кайрылып, аларды өз турмушун эркин курууга чакырган. «Силердин укугуңар, — деп айтылган үндөөдө. — Россиянын бардык элдеринин укугу сыяктуу революциянын жана анын органдарынын, Жумушчу, солдат ж-а дыйкан депутаттарынын советтеринин бардык күчү менен корголо тургандыгын билип алгыла». О. эле үндөө мусулман эмгекчилерин өздөрүнүн улуттук эркиндиги үчүн соц. рев-яны ж-а Совет өкмөтүн колдоого чакырган. Бул тарыхый документ Россиядагы мусулман эмгекчилерди совет бийлиги үчүн күрөшкө ыктандырып, чыгыш элдеринде улуттук-бошт. күрөштү күчөткөн.

Ад.: Декреты Советской власти, т. 1, М., 1957.

РОССИЯ СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК ФЕДЕРАЦИЯ РЕСПУБЛИКАСЫ (РСФСР) — аянты, калкы ж-а экон. кубаты б-ча СССРдеги эң ири республика. 1917-ж. 25-октябрда (7-ноябрда) уюшулган. Түн.-батышынан Норвегия, Финляндия, батышынан Польша, түш.-чыгышынан Кытай, МЭР, КЭДР, о. эле СССРдин составына кирген союздаш реси-калар: батышынан Эстон ССРи, Латыш ССРи, Литва ССРи ж-а БССР м-н, түш.-батышынан УССР, түштүгүнөн ГССР, Азерб. ССРи ж-а Казак ССРи м-н чектешет. Түндүгүнөн Түн. Муз океаны (деңиздери: Баренц, Ак, Карск, Лаптевдер, Чыгыш Сибирь, Чукча), чыгышынан Тынч океан (деңиздери: Беринг, Охота, Япон), түш.-батышынан Кара, Азов ж-а Каспий деңиздери, батышынан Балтика деңиз чулган жатат. Аянты 17075,4 миң *км²*. Калкы 136,5 млн (1978). Борбору — Москва ш. (калкы 8011 миң, шаар айланасы м-н, 1979).




Реси-када 995 шаар ж-а 1998 ш. т. посёлка бар (1976). РСФСРдин составына 16 автономия реси-ка (Башкырт, Бурят, Дагестан, Кабарда-Балкар, Калмак, Карел, Коми, Мари, Мордва, Түн. Осетин, Татар, Тува, Удмурт, Чечен-Ингуш, Чуваш, Якут), 5 АО (Адыге, Тоолуу-Алтай, Еврей, Карачай-Черкес, Хакас), 6 край (Алтай, Краснодар, Красноярс, Приморье, Ставрополь, Хабаров), 49 область (Архангел, Вологда, Ленинград, Мурма, Новгород, Псков, Калининград, Брянский, Владимир, Иванов, Калинин, Калуга, Кострома, Москва, Орёл, Рязань, Смоленский, Тула, Ярослав, Горький, Киров, Белгород, Воронеж, Курский, Липецкий, Тамбов, Астрахань, Волгоград, Куйбышев, Пенза, Саратов, Ульянов, Ростов, Курган, Оренбург, Пермь, Свердлов, Кемеров, Новосибирь, Омский, Томский, Тюмень, Иркут, Чита, Амур, Челябинский, Камчатка, Магадан, Сахалин), 10 автономия округ [Ненец, Коми-Пермяк, Ханты-Мансы, Ямал-Ненец, Таймыр (Долган-Ненец), Эвенк, Усть-Ордо-Бурят, Ага-Бурят, Коряк, Чукча] кирет.

Мамлекеттик түзүлүшү. РСФСР — жумушчулар м-н дыйкандардын соц. мамлекети, СССРдин составына эркин ж-а тең укукта кирген союздаш сов. соц. реси-ка. Азыркы Конституциясы 1978-ж. 13-апрелде РСФСРдин 9-шайланган Жог. Советинин кезексиз чакырылган 9-сессиясында кабыл алынган. Мамл. түзүлүшү б-ча РСФСР — федерация мамлекет. Мамл. бийликтин жог. ж-а закон чыгаруучу органы — РСФСР Жог. Совети (калктын 150 миң киңисинен 1 депутаттан 5 жылга шайланат). Жог. Советтин сессиялары аралыгындагы мамл. бийликтин Жог. органы — РСФСР Жог. Советинин Президиуму. Жог. Совет реси-каның өкмөтүн (Мин. Советин) түзөт. Мамл. бийликтин жерг. органдары — край, обл., АО, автономия округ, район, шаар, кыштактарда — Эл депутаттар советтери (калк тарабынан 2,5 жылга шайланат). Сот системасы: РСФСРдин, АССРдин, крайлык, обл., АОлук, автономия округдук эл соттор; РСФСР, АССР ж-а АО, край, областтардын прокурору 5 жылдык мөөнөткө СССРдин Ген. прокурору; автон. округдардын, шаарлардын, райондордун прокурорлорун РСФСРдин прокурору 5 жылдык мөөнөткө дайындайт, аларды СССРдин Ген. прокурору бекитет. Мамл. гербин ж-а мамл. желегин к. *Мамлекеттик герб, Мамлекеттик желек* макалаларынын таблицасынан.

Табияты. РСФСР Түн. Азиянын ж-а Чыгыш Европанын көпчүлүк бөлүгүн ээлейт. Меридиан багытында 4 миң *км*ге чейин, кеңдик багыт б-ча 9 миң *км*ге созулат. Аймагынын 70%-ке жакыны түздүк. Батышында *Чыгыш Европа түздүгү*, анын чыгыш чеги — *Урал* тоолору (бийик жери

Народный чокусу, 1895 *м*); Уралдан чыгышта Батыш Сибирь түздүгү созулуп жатат. Енисей ж-а Лена д-ларынын аралыгында *Орто Сибирь бөксө тоосу* жайгашкан. Четки чыгышында ж-а түштүгүндө ири тоолуу аймактар бар. Европ. бөлүгүндө — *Кавказ* тоолору (РСФСРдин бийик жери Эльбрус чокусу, 5642 *м*), Сибирдин түштүгүндө *Алтай* (Белуха чокусу, 4506 *м*), *Саян тоолору, Становой кырка тоосу* ж. б., чыгышында ж-а Ы. Чыгышта — Жог. Яна, Черский (Жеңиш чокусу, 3147 *м*), Колыма, Чукча, Жугжур, Сихотэ-Алинь ж. б. кырка тоолор оруп алган. Камчатканын тоолорунда (Ключ Сопкасы, 4750 *м*) ж-а Курил а-дарында аракеттеги жанар тоолор бар.

РСФСР геол. түзүлүшү б-ча Чыгыш Европа платформасынын көп бөлүгүн, Сибирь платформасын бүт, Урал, Батыш Сибирь, Түш. Сибирь, Верхоян-Чукча аймагы, Курил а-дарын,



Урал д-ның жогорку агымы.

Приморье ж-а Сахалин бүктолүү аймактарын камтыйт. Байыркы платформалардын кристаллдуу фундаментин протерозойдун аягына чейинки мезгилде пайда болгон өтө метаморфизмделген тоо тектер ж-а жанар тоо чокмо тектери түзөт. Фундаменттер мезгил-мезгили м-н гранитоид интрузиясынын активдешүүсүнөн эрин кристаллдашкан. Бул процесс 2 млрд жылча созулун, протерозой заманының аягында аяктаган. Кийин Чыгыш Европа ж-а Сибирь платформаларынын фундаментиндеги бүктөлүштөр денудация процессинин патыйжасында тегизделип, антропоген мезгилине чейин пайда болгон чокмо тоо тектер м-н жабылат. Байыркы платформаларды бөлүп ж-а курчап жаткан бүктолүү аймактар протерозойдун аягынан тартып кайназойго чейин өнүккөн. Протерозойдун ортосуна чейин алардын ордунда океан жаткан. Геосинклиналь системалары кийинчерээк өнүгө баштап, байкал (протерозойдун аягында), каледон (палеозойдун ортосунда), герцин (палеозойдун аягында) ж-а киммерий (мезозойдо) сыяктуу түрдүү жаштагы бүктолүү аймактары пайда болгон. Булар жаш платформалардын фундаментин түзгөн, кийин алардын көп бөлүгү жуулун, чокмо тоо тектер м-н капталган. Кавказда геосинклиналь процессининн өнүгүшү алыи мезгилинде аяктаган; ал эми Курил, Командор а-дарында, Охота ж-а Беринг деңиздериндеги ойдундарда Курил-Камчатка кобулунда геосинклиналдык өнүгүү процесси али бүтө элек. Реси-каның жери пайдалуу кендерге, айрыкча таш көмүр, нефть, табигый газ, темир рудасы, калий тузу, анатит, айрым түстүү, кымбат баалуу ж-а легирленүүчү металл, алмаз, чым көңгө бай.

РСФСР аймагының көп бөлүгү мелүүн, Түн. Муз океан жээктери ж-а аралдары арктика ж-а субарктика, Кавказдын Кара деңиз жээгиндеги чакан аймагы субтропик алкактарда жайгашкан. Климаты бардык жерде континенттик; континенттүүлүгү батыштан чыгышты карай жогорулайт; Чыгыш Сибирде кескин континенттик. Январдын орт. темп-расы европ. бөлүгүнүн батышында (0°—5°Cге чейин), Якут АССРинде —50°С (эң төмөнү —70°Cге жетет), июлдуку 1°Cден (Түн. Муз. океандын Сибирь жээги) 25°Cге (Каспий бою ойдуңу) чейин. Жаан-чачыны 600—700 *мм*ден (Чыгыш Европа түздүгүнүн токой зонасы), 120—130 *мм*ге (Каспий бою ойдуңу) чейин өзгөрөт. Кавказ ж-а Алтай тоолорунда 1600—2000 *мм*ге чейин жаайт. Көп жылдык тоң (айрыкча Сибирь ж-а Ы. Чыгыштын түн. бөлүгүндө) кеңири таралган; таралуу аянты 10 млн *км²*ден ашык. Тоолуу райондордо ж-а Түн. Муз. океандын аралдарында мөңгү бар; жалпы аянты Арктика аралдарында 56 миң *км²* ден, тоолорунда 3,5 миң *км²*ден ашык. РСФСРде ар биринин уз. 10 *км*ден ашкан 120 миң дарыя бар. Алардын жалпы уз. 2,3 млн *км*. Дарыяларында 400 миң *км* аралыкка чейин кеме жүрөт жө карагай агызылат. Бардык дарыялардын агымынын жылдык жалпы көлөмү 4000 *км³*гө жакын. СССРдин гидроэнергетикалык ресурстарынын ¾ бөлүгү РСФСРде топтолгон. Ири дарыялары: *Енисей*, *Лена*, *Обь* (Түн. Муз океандын алабына кирет), *Амур* (Тынч океандын алабы), *Волга* (Каспий деңизинин алабы). Реси-када 2 млн-дой көл (туздуу ж-а тузсуз) бар, ирилери: Каспий (деңиз-көл), Байкал, Ладога, Онега; ири суу сактагычтары (ГЭСтин плотиналарында): Братск, Красноярск, Куйбышев, Бухтарма ж. б. Түн. Муз океандын аралдары ж-а Таймыр ж.

Камчаткадагы Авача жанар тоосу.



а-ның жээктери арктикалык чөл зонасына таандык. Андан түштүгүрөөк тундра зонасында мох ж-а эңилчек басымдуу, андан башка жапыз өскөн калың бадал, чөп өсүмдүктөрү ж-а мөмө байлоочу бадал өсөт. Тундрадан түштүккө карай токойлуу тундра зонасы жайгашкан. Аймагынын 65% токой зонасында. Бул зона тайга (айрыкча Батыш Сибирде), аралаш токой (Чыгыш Европа түздүгүндө ж-а Ы. Чыгышта), жазы жалбырактуу токой (Чыгыш Европа түздүгүндөгү токой зонасының четки түштүгү) зоначаларына бөлүнөт. Аймагының 43%тейи токой м-н капталган. Токой зонасы токойлуу талаа зонасы м-н алмашат. Талаа зонасы күрдүү кара топуроктуу. Талаа негизинен Чыгыш Европа ж-а Батыш Сибирь түздүктөрүнүн түштүгүн ээлейт. Көп болгүү айдоо. Каспий бою ойдуңунда жарым чөл тараган.


РСФСРдин бүт аймагы палеарктикалык зоогеогр. аймакта жайгашкан. Жаныбарларынын таралышы геогр.



Ока коругундагы зубрлар.

зонага байланыштуу. Арктикалык чөлдө ж-а тундрада ак түлкү, түн. бугусу, түн. үкүсү, лемминг, кекилик (чил); токой зонасында териси баалуу багыш, күрөң аюу, сүлөөсүн, кундуз, түлкү, тыйын чычкан; Чыгыш Сибирде жогоркулардан башка бугу, кабарга, күзөн; Ы. Чыгыштын түштүгүндө уссури жолборсу, кара аюу, доңуз; канаттуулардан керецкур, тоңкулдак ж. б.; токойлуу талаа ж-а талаа зонасында кемирүүчүлөрдөн чычкан, сары чычкан, кошаяк, суур ж. б.; канаттуулардан тоодак, бүркүт, безбелдек ж. б. Эл чарбасында терпси баалуу (тыйын чычкан, ондатра, түлкү, киш ж. б.) ж-а туяктуу (багыш, түн. бугусу, элик) айбанаттардын, канаттуулардын (каз, ордок, көрецкур ж. б.) маанеси чоң. РСФСРди курчаган деңиздер балык (треска, сельд, камбала, палтус, лосось), кит, морж, түлөн ж. б-га бай. Өсүмдүк м-н айбанаттарын коргоо үчүн жалпы аянты 5 млн *га*дан ашык 30 корук (Алтай, Астрахань, Баргуза, Кавказ, Печора-Илыч, Теберда ж. б.) уюшулган.

Калкы. РСФСР — көп улуттуу республика. Мында 100дөн ашуун улут ж-а эл жашайт. Жалпы элдин 82% орус, калганы татар (4,8 млн), украин (3,3



Холм портундагы «Сахалин-2» муз жарғыч парому (Сахалин а.).

млн), чуваш (1,6 млн), башкырт (1,2 млн), мордва (1,2 млн), дагстан элдери (авар, даргин, кумук, лезгин) ж. б. (1,2 млн), белорус (1 млн-дой) ж. б. Калктын 54% аллдар. Шаар калкы 69%. Орт. жышт. 1 км² жерге 7,9 киши (1977). Калк европ. бөлүктүн борб. райондорунда өтө жыш отурукташкан. Ага калктын 4/5 (Урал м-н бирге) туура келет. Борб. райондо 1 км² жерге 58,2 киши (Москва обл-нда 292) туура келет (1975). Сов. Союзунун при шаарларынын 1/2 бөлүгү РСФСРде. Калкы 1 млн-дон ашкан шаарлар (1979): Москва (7831 миң), Ленинград (4588 миң), Горький (1344 миң), Новосибирск (1312 миң), Куйбышев (1216 миң), Свердловск (1211 миң), Омск (1014 миң), Челябинск (1031 миң); 500 миңден ашкандары (18 шаар): Пермь (999 миң), Казан (993 миң), Уфа (969 миң), Волгоград (929 миң), Ростов-на-Дону (934 миң), Саратов (856 миң), Воронеж (783 миң), Красноярск (796 миң), Ярославль (597 миң), Краснодар (560 миң), Новокузнецк (541 миң), Владивосток (550 миң), Ижевск (549 миң), Иркутск (550 миң), Хабаровск (528 миң), Барнаул (533 миң), Тула (514 миң), Тольятти (502 миң). Эл чарбасындагы жумушчу м-н кызматчылардын жылдык орт. саны 60,7 млн, алардын 3/4 материалдык байлык өндүрүү тармактарында, 1/4 өндүрбөөчү тармактарда иштейт (1975). Аныи ичинен (1975) ө. ж. м-н курулушта 42%, транспорт м-н байланышта 9%, айыл ж-а токой чарбаларында 17%, соода, коомдук тамактануу, даярдоо, материалдык-тех. жабдууда 8%, эл агартуу, илим, иск-во ж-а саламаттык сактоодо 17% иштейт.

Тарыхы. Адам РСФСРдин аймагын мындан 700 миң жыл мурда мекендеген. Ортоңку палеолитте Томонку Волга м-н Ортоңку Уралда турак жайлар пайда болуп, соңку палеолитте адамдар Сибирдин бир катар райондоруна отурукташа баштаган. Б. з. ч. 2-миң жылдыкта коло куралдар азыркы РСФСРдин бардык аймагына таралган. Б. з. 1-миң жылдыгында темир даярдоо башталып, 2-жарымынан алгачкы феод. мамилелер түптөлө баштаган (Түрк каганднгы 5—7-к., Бохай мамлекети 8—9-к.). Байыркы славяндар Чыгыш Европа аймагында калыптанып, б. з. 3-к-нда чыгыш, батыш ж-а түш. славяндарга болунген. Алар алгачкы коомдук түзүлүштөн түз эле феодализмге өткөн. 8—9-к-да байыркы орус мамлекети — *Киев Русь* пайда болуп, орус элинин калыптаныш чордонун түзгөн. 1132-ж. Байыркы орус мамлекети кулап, феод. бытыранды лык башталган. 13-к-дын 40-жылдары орус жерининн көпчүлүк болүгүн монгол-татарлар каратқан. Ушул эле мезгилде түн.-батыш Руска швед ж-а немец баскынчылары басып кирген [к. *Нева салгылашы (1240), Муздагы салгылаш (1242)*]. Русттун батыш ж-а түш. жерлери Литва улуу княздыгынын, Закарпатье Венгриянын, Галиция Польшанын бийлигинде калган. 13-к-дын аягы — 14-к-дын башында Руста баскынчылардан бүлүнгөн чарба калыбына келтирилө баштап, Москва айланасында орус калкынын этностук ядросу калыптанган. 14-к-дын жарымынан [айрыкча *Куликов салгылашынан (1380)* кийин] Москва орус жерлерин бириктирүүнүн борборуна айланган. 1480-ж. монгол-татар бийлиги кулатылган. 15-к-дын аягы — 16-к-дын башында бирдиктүү орус мамлекети түзүлгөн. 15—16-к-дын чегинде орус элинин калыптаныш процесси бүтүп, «Россия» деген ат тарала баштаган. Биринчи орус падышасы *Иван IV Васильевич* Грозныйдын тушунда мамлекетти борборлоштыруунун чыңдоо б-ча реформалар жүргүзүлүп, Казан, Астрахан кандыктары каратылып, орустар Батыш Сибирге жыла баштаган, Балтикага чыгуу үчүн болгон согуштун [к. *Ливон согушу (1558—83)*] айынан курчуган кырдаалды басуу аракети да түрдүү катмарда нааразылык туудурул. алар чет жакага качууга аргасыз болгон.

16-к-дын аягында крепостной укуктун мамл системасынын чыңдалышынан 17-к-дын башында дыйкандар согушу башталган. Өлкөнүн ички оор абалынан пайдаланган поляк ж-а швед аскерлери Россияга басып кирип, поляк аскерлери Москвапы ээлеген. *Минин жана Пожарский жетектеген элдик ыктыярдуу кошуун* 1612-ж. Москваны ж. б. жерлерди баскынчылардан бошоткон. 1613-ж. *Романовдордун* бийлиги орногон. 1649-ж. Соборлук уложение крепостной укукту бекиткен. 17-к-да Россияда шаар которуштуру (к. *Москва которулушу, 1648*), *Разин Степан башында турган дыйкандар согушу* (1670—71) ж. б. болуп өткөн. Украина Россияга кошулган (1654), Сибирь колонияга айландырылып, орустар Тынч океан жээгине жеткен. 17-к-дын аягында ак сөөктөрдүн күчөшү ж-а феод. мамлекеттин экон. абалынын чыңдалышы *абсолютизмге* өтүүнү шарттаган.

Пётр Iнин тушунда экономикада, мамл. түзүлүштө, мад-тта өзгөрүү болуп, *Түндүк согуштун (1700—21)* мезгилинде туруктуу армия ж-а аскер-деңиз флоту түзүлгөн, Балтика деңизине чыгуучу жол, Балтика боюнун көп бөлүгү каратылган. 1721-ж. Россия империя деп жарыяланган. Ак сөөктөрдүн укуктарынын чыңдалышы, феод.-крепостной эзүүнүн күчөшүнөн улам *Пугачёв башында турган дыйкандар согушу (1773—75)* чыккан. 18-к-дын 2-жарымында алгачкы революционерлер А. Н. *Радищев*, Н. И. Новиков ж. б. *крепостной укукка* каршы чыгышкан. Падыша өкмөтү тышкы саясатында түш. чек араларынын коопсуздугу үчүн күрөштү уланткан. Осмон империясынын жеңилгенинен улам *Крым хандыгы* жоюлган (1783). 1768—74, 1787—91-ж. орус-түрк согушу [(к. *Орус-түрк согуштары*, 17—19-к., анда А. В. Суворовдун, Ф. Ф. Ушаковдун жолбашчылык жөндөмү көрүнгөн)]. Балкан ж. а-ндагы элдердин бошт. ыкмылынын жогорулашына жардам берген. 70- ж-а 90-жылдары Россия, Австрия, Пруссия тарабынан Речь Посполита 3 жолу болуштурулуп, натыйжада Оң Жээк Украина ж-а бүт Белоруссия Россияга кошулган. 1801-ж. Чыгыш Грузия, 1809-ж. Финляндия, 1812-ж. Батыш Грузиянын ж-а Бессарабиянын бир бөлүгү бириктирилген. Ата Мекендик согуш (1912) франц. аскерлердин толук жеңилиши м-н аяктаган. Согуштан кийин крепостной тартиптик элдин нааразылыгы күчөгөн. Бирок аны жеке бийлик абөзүз баскан. Үшундай катаал шартта алдынкы көз караштагы ак сөөк жаштардын ийримдери түзүлгөн. 1825-ж. 14-декабрдагы декабристтердин которулушу Россияда рев-ячыл бошт. ыкмылдын ак сөөктүк этабына негиз салган. 19-к-дын 2-чейрегинен Россияда ө. ж. тонкорүшү болуп, 40—50-жылдары Волга, Днепрде кеме жүрдү, 1837-ж. Петербург м-н Царское Селого түңгуч т. ж. салынды. Ошентсе да дыйкан маселеси башкы маселе бойдон калган. Либералдар крепостной укукту реформа жолу м-н жоюуну көздөсө, В. Г. Белинский, А. И. Герцен, Н. П. Огарёв сыяктуу рев-ячыл демократтар рев-ячыл жол м-н кулатуу идеясын жакташкан. 19-к-дын 2-жарымында Россия өнүгүүнүн капит. формациясына өткөн. *Дыйкандар реформасынын (1861)* натыйжасында крепостной көз карандыктан 22,5 млн дыйкан бошогон. Бирок реформадан кийин да ири помещик жер ээлиги ж-а крепостнойлук калдык сакталган. Крепостной укуктун жоюлушу ж-а андан кийинки бурж. реформалар феод. монархиянын бурж. монархияга айланышына өбөлгө түзгөн.

19-к-дын 60-жылдарынан орус бошт. ыкмылынын экинчи — разночиндик же бурж.-демокр. мезгили башталган. Ал ыкмылды Н. Г. *Чернышевский*, Н. А. *Добролюбов* жетектеген. 60-жылдары жашырын рев-ячыл үюм — *«Жер жана эркиндик»* түзүлгөн. 70-жылдардан жеке бийликке каршы рев-ячыл *народниктер* күрөшкөн. Капит. өндүрүш мамилелери кадыресе калыптанып, жаңы коомдук тап — *буржуазия* м-н *пролетариат* түзүлгөн. Жумушчулардын алгачкы уюмдары: Одессада «Россия жумушчуларынын түштүк союзу» (1875) ж-а Петербургда «Орус жумушчуларынын түндүк союзу» (1878) пайда болгон. 80-жылдардын аягы — 90-жылдардын башынан бошт. күрөштө жумушчу табы башкы ыкмылдаткыч күчкө айланган. Россияда марксчыл идеялар ж-а топтор пайда болгон. Россияда марксизм идеяларын таратууда Г. В. *Плеханов* жетектеген «Эмгекти өзүндикке чыгаруу» тобу (Женева, 1883) көрүнүктүү роль ойногон.

19-к-дын 60—80-жылдары Россияга О. Азиянын бир топ бөлүгү бириктирилген (к. *Кыргыстандын Россияга ыктыярдуу кошулушу*). 19-к-да орус бурж. улутунун биригиши, Россия курамына кирген бир



К. А. Савицкий. «Темир жол куруу». 1874. Третьяков гал. Москва.

катар ири элдердин улут болуп калыптанышы аяктаган. 19-к-дын аягы—20-к-дын башында Россия капитализмдин жог. стадиясы — *империализмге* киргени м-н Россиянын ар кайсы райондору экон. жактан бир кылка өнүккөн эмес. 20-к-дын башында дүйн. рев-ячыл ыкмылдын борбору Россияга өтүп, Россия империализмдин бардык карама-каршылыктарынын чордону болуп калган.

19-к-дын 90-жылдарынын ортосунан орус бошт. ыкмылынын пролетардык этабы башталган. 1895-ж. В. И. Ленин марксчылардын тобу м-н бирге рев-ячыл пролетариат партиясынын ядросу — *Петербургдагы «Жумушчу табын эркиндикке чыгаруу үчүн күрөш союзун»* негиздеген. *РСДРПнин 1-съезди* 1898-ж. РСДРПнин түзүлгөнүн жарыялаган. Жаңы типтеги пролетариат партиясы үчүн күрөштө «Искра» газетасы чечүүчү роль ойногон. *РСДРПнин 2-съездинде* жаңы типтеги партия — большевиктер партиясы түзүлгөн. Аның түзүлүшү россиялык, ө. өле эл аралык жумушчу ыкмылында брулуш болгон. Россия ленинизмдин мекенине, дүйн. рев-ячыл ойдун ж-а рев-ячыл ыкмылдын борборуна айланган.

Рев-ячыл кризистин бышын жетилишин



Жер жөнүндө декрет.

орус-япон согушу (1904—05) тездеткен. 1905—07-жылдагы рев-я — империализм доорундагы биринчи өлдик рев-я, ө. өле 1917-жылдагы Окт. соц. рев-ячыл ген. репетициясы болгон. Империализм доорунда Россиянын өнүгүшүнүн башкы жыныттыгы болуп, соц. рев-ячыл экон. ж-а саясий оболгосунун бышын жетилиши эсептелген. Биринчи дүйн. согуш (1914—18) рев-ячыл чыгышын тездеткен. 1916-ж. түзүлгөн рев-ячыл кырдаал жеке бийликти кулаткан Февр. бурж.-демокр. рев-ясына алып келген. Марттагы подпольеден чыккан большевиктер партиясы бурж.-демокр. рев-ядан соц. рев-яга өтүүнүн теориялык планын иштеп чыккан (к. *Апрель тезистери*). *Улуу Октябрь социалисттик революциясынын* натыйжасында 1917-ж. Россияда капиталист м-н помещиктердин бийлиги кулатылып, капитализм, социалдык ж-а улуттук эзүү жоюлган. Петрограддагы соц. рев-ячыл жеңишинен кийин 1917—18-ж. бүт өлкө б-ча *Совет бийлигинин салтанаттуу жүрүшү* башталган.

Жумушчу, солдат ж-а дыйкан депутаттар советтеринин Бүткүл россиялык 3-съезди 1918-ж. Россия Сов. Соц. Федерацил Респ-касы (РСФСР) деп аталганын жарыялаган. 1918-ж. РСФСРдн жердеген элдердин мамлекеттүүлүгүн бекитүү процесси башталган. 1918-ж. 30-апрелде РСФСРдин курамында Түркстан Сов. Соц. Автономия Респ-касы (ага Кыргыз да кирген) түзүлгөн. Советтердин Бүткүл россиялык 5-съезди биринчи сов. конституцилны — РСФСР Конституциясын кабыл алган. 1918-ж. жайында *Россиядагы граждандык согуш жана чет өлкөлүк интервенция* башталган. Бирок интервенттер м-н ички контррев-ячыл күчтөрүн Кызыл Армия талкалаган. *РКПбнин 8-съездинде* (март, 1919) социализмди курууга багытталган Коммунисттик партиянын жаңы Программасынын кабыл алынышы чоң мааниге ээ болгон. Гражд. согуштан кийин Россия Федерациясынын мамл. курулушу аяктаган. Лениндик улут саясатын жүргүзүү м-н Коммунисттик партия улуу державалык *шовинизм* ж-а жерг. *улутчулдук* м-н айкышпаган күрөш жүргүзгөн.

Окт. рев-ясынан кийин өле *маданий революция* башталган. *Советтердин бүткүл россиялык 8-съезди* (22—29-дек., 1920) Россияны электрлештирүүнүн лениндик планын (ГОЭЛРО) өекиткен. 1921-ж. мартта РКП(б)нин 10-съезди соц. экономиканын фундаментин куруу ж-а эл чарбасын калыбына келтирүүгө шарт түзгөн жаңы экон. саясатка (НЭПке) өтүү ж-да тарыхый чечим кабыл алган. 1922-ж. 30-декабрда Москвада СССР Советтеринин 1-съезди Сов. Соц. Респ-калар Союзунун түзүлгөнү ж-да декларацияны бекиткен. РСФСР коп улуттуу соц. мамлекеттин — ССР Союзунун уюткусуна айланган. 1924-ж. 31-январда СССР Советтеринин 2-съезди ССР Союзунун биринчи Конституциясын бекиткен. Советтердин бүткүл россиялык 12-съезди 1925-ж. 11-майда СССР Конституциясына негиз катары РСФСРдин биринчи Конституциясынын жаңы текстин кабыл алган. РСФСРдин эл чарбасы 1925—27-ж. согушка чейинки деңгээлге жеткен. Ө. ж-да соц. сектордун үлүшү 1925-жылдын аягында 81%ти түзгөн. В. И. Ленындин кооперация планы турмушка ашырылган. Коммунисттик партия 1925-ж. 14-съезддеи индустриалаштырууга, 1927-ж. 15-съездден коллективдештирүү курсуна өткөн. Мында РСФСР башкы, чечүүчү роль ойногон.

Биринчи беш жылдыкта (1929—32) социализмдин экон. фундаменти түзүлгөн. РСФСР агрардык өлкөдөн индустриялуу-агрардык өлкөгө айланган. Экинчи беш жылдыкта (1933—37) негизинен эл чарбасынын бардык тармагы тех. жактан реконструкцияланып бүткөн. РСФСРдин ө. ж. өндүрүшү, 1918-жылга салыштыганда 6 эсе өсүп, колхоз түзүлүшү чыңдалган. РСФСР СССРдин негизги дан базасына айланган. Экинчи беш жылдыкта РСФСРде бүт өлкөдөй өле соц. коомдун негизи курулган, маданий рев-я ийгиликтүү ишке ашкан. Соц. курулуштун натыйжасында РСФСРдин айрым өлдери соц. улутка айланган. 1937-ж. 21-январда Советтердин Чукуй чакырыгаан бүткүл россиялык 17-съезди 1936-ж. 5-декабрда кабыл алынган СССР Конституциясына ылайык РСФСРдин жаңы Конституциясын бекиткен.


Улуу Ата Мек. согуш (1941—45) мезгилинде Россиянын жумушчу табы, дыйкан ж-а интеллигенциясы КПССтин жетекчилигн м-н душманды жеңүүгө зор салым кошкон. Андагы ардиги үчүн РСФСРдин 2 373 068 жоокери орден ж-а медаль м-н сыйланган; 7 миңден ашык адам Сов. Союзунун Баатыры наамын алган. Согуш РСФСРге 249 млрд сом зыян келтирген. 1950-жылдын аягында РСФСР аймагында согуштан бүлүнгөн ө. ж. калыбына келтирилген. Аның деңгээли согушка чейинки (1940) өнүгүүдөн 78%ке ашкан. 50-жылдары РСФСРдин соц. экономикасы андан да жогорулады. 60-жылдары РСФСРдин жумушчу, дыйкан, интеллигенциясы СССРдин башка өлдери м-н бирге КПССтин 22-съездинде (1961) кабыл алынган КПССтин жаңы Программасын жүзөгө ашырып, коммунизмдин матер.-тех. базасын түзүүгө киришти. Социализм Россияны түп тамырынан бери

Сталинград салгылашы. 1942.



өзгөрттү. Ал СССРдеги ири индустриялуу респ-кага айланды, КПССтин 23—25-съезддеринин чечимдерин турмушка ашыруруда чоң ийгиликтерге жетишти. Соц. коомду куруу кезинде РСФСР эмгекчилери ө. ж. жана а. ч., илим ж-а мад-т салаасындагы күжүрмөн эмгеги м-н коммунисттик курулушка салмактуу үлүш кошуп, партиянын 25-съездинин чечимдерин, онунчу беш жылдыктын милдеттерин жүзөгө ашырууда РСФСР өлдери кажыбас кайраттуулукта эмгектенүүдө. РСФСР 2 Ленин ордени (1954, 1958), Октябрь Революциясы (1967), Эл Достугу (1972) ордендери м-н сыйланган.

Эл чарбасы. РСФСР — индустр.-агрардык респ-ка. Ө. ж. продукциясы 1975-ж. 1940-жылдагы деңгээлден 15 эсе, 1913-жылдагыдан 131 эсе көбөйгөн. Ө. ж-нын структурасы ар түрдүү, айрыкча машина куруу, металл иштетүү, хим. ж-а нефть хим. ө. ж-нын мааниси чоң. Респ-каның энергетикалык базасын нефть ж-а газ түзөт. Нефть негизинен Батыш Сибирь ж-а Волга — Урал нефть-газ аймактарынан, табигый газ Түн. Кавказ м-н Батыш Сибирден алынат. Маанилүү таш көмүр бассейндери — Кузнецкий, Печора. РСФСРде жылуулук электр станциялары басымдуу, прилери — Конаков м-н Кострома, ар биринин кубаттуулугу 2 *Гвт*тан ашык. Ири ГЭСтери — СССРдин 50 жылдыгы атн. Красноярск (6 *Гвт*) ж-а Братск (4,1 *Гвт*). Кара ж-а түстүү металлургия өнүккөн. Аның негизги району — Урал. РСФСР өлкөдө машина куруу продукцияларын өндүрүү б-ча биринчи орунда. Транспорт, энергетика,



Горький ш. Ока д-ндагы реконструкцияланган көпүрө.

оор ж-а а. ч. машиналарын куруу өнүккөн. Электр тех. ж-а прибор куруу жалпы союздук мааниде. Хим. ө. ж-ларынан нефть хим., минерал жер семирткич ж-а сода өндүрүү, тех. химия өнүккөн. РСФСРдин Европа бөлүгүнүн түндүгү, Чыгыш Сибирь өлкөнүн токой ж-а кагаз ө. ж-ларынын маанилүү райондору. Жеңил ө. ж. да мыкты өнүккөн. Борб. район — текстиль ө. ж-нын башкы базасы. Түрдүү тамак-аш ө. ж. да бар.

А. ч-га жарактуу 219 млн *га* жерпнин 126,5 млн-у айдоо, 25 млн-у чабынды, 59 млн-у жайыт (1975). Сугат

О. ж. продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү

	1940	1970	1975	1976
1	2	3	4	5
Электр энергия, млрд квт·с	30,8	470,2	640 0	685,0
Нефть (газ, конденсат м-н бирге), млн т	7,0	284,8	411,3	445,0
Газ, млрд м³	0,2	83,3	115,2	136,5
Көмүр, млн т	72,8	344,8	381,1	387,0
Темир рудасы, млн т	9,7	64,7	86,8	88,5
Чоюн, млн т	5,3	42,0	52,2	
Болот, млн т	9,3	63,9	79,9	82,6
Кара металл прокаты (даяры), млн т	5,7	43,2	54,2	
Күкүрт к-тасы (моногидрат), млн т	1,1	6,3	8,8	8,9
100% кальцийленген сода, миң т	96,7	2613	3821	
Минерал жер семирткич (шарттуу бирдикте), млн т	2,2	27,3	42,4	43,2
Химия буласы ж-а жибi, миң т	7,0	432	571	592
Турбиналар, млн квт	1,0	11,7	12,9	
Турбина генераторлору, млн квт	0,5	7,8	13,5	
Электровоздор магистралдык, даана	9	232	280	293
Жүк ташуучу магистралдык вагондор, миң даана	26,6	28,6	32,6	
Жүргүнчү ташуучу магистралдык вагондор, даана	1051	1257	1430	
Автомобилдер, миң даана	21,2	191	256	
Тракторлор, миң даана	145,4	737,3	1703,3	1750
Эгин жыйноочу комбайндар, миң даана	5,4	99,2	97,5	102
Жыгач даярдап чыгаруу, млн м³	216,0	354,0	367,0	360,0
Целлюлоза, млн т	0,4	4,7	6,4	6,8
Кагаз, млн т	0,7	3,5	4,3	4,5
Картон, миң т	113	1975	2514	
Цемент, млн т	3,6	57,7	73,1	
Кездемелик бардык түрү, млрд м		8,1	8,2	
Булгаары бут кийим, млн жуп	141,3	350,0	338,7	352,0
Кубаттуу телекөрсөткүчтөр, миң даана	0,3	3749	3732	3800
Радиокабылдагычтар ж-а кубаттуу радиолалар, миң даана	144	4811	4964	5000
Тиричилик мүздаткычтары, миң даана	3,2	2773	3529	3600
Мотоциклдер ж-а мотороллерлер, миң даана	6,7	632	772	793
Тиричилик сааттарынын бардык түрү, млн даана	2,8	34,6	46,9	49,2
Кумшекер, млн т	0,4	2,9	2,8	2,7
Эт, млн т	0,9	3,7	5,0	4,1
Мал майы, миң т	141,1	486,3	628,3	615

жерлери 3,7 млн *га*, кургатылган жери 4,5 млн *га*. 1975-жылдын аягында респ-када 10,6 миң совхоз ж-а 12,9 миң колхоз болгон. Алардын машина паркында 1 млн-дой трактор, 400 миңден ашык эгин комбайны бар. 1975-ж. а. ч-ныи дүң продукциясы 1940-жылга салыштырганда 2,3 эсе көбөйгөн. 1975-ж. а. ч-ныи дүң продукциясынын 41%ин дыйканчылык ж-а 59%ин мал чарбасы берген. Өлкөнүн айдоо аянтынын 60%ке жакыны РСФСРде.

1975-ж. момо-жемиш ж-а жүзүм аянты 1,4 млн *га*, момо-жемиштин дүң жыймы 3 млн тга жакын. жүзүмдүк 0,7 млн т болгон. 1976-ж. 57 615 миң үй (саапы—21 760 миң), 27 771 миң чочко, 66 109 миң кой-эчки, 394,6 миң канаттуу болгон.

Өлкөнүн жүк айлануусунун 60%-тен ашыгы РСФСРге таандык. Жалпы пайдалануучу транспорттун бардык түрүнүн жүк айлануусу 3614 млрд т/км болгон (1975). Өлкөнүн т. ж-нун ³/₅ (уз. 79,8 миң км, 1975), автомобиль жолунун ²/₅ (уз. 840,3 миң км, 1975) ж-а ички суу жолунун ⁴/₅ (уз. 126 миң км) болугу РСФСРге туура келет. Магистралдык түтүктүн (нефть ж-а нефть продукту жургуч) уз. 44,8 миң км (1975). Акыркы жылдарда ири газ жүргүчтөр курулду.

Негизги а. ч. өсүмдүктөрүнүн айдоо аянты ж-а дүң жыймы


	1940	1970	1975	1976
Айдоо аянты, млн *га*	92,1	121,9	126,5	126,8
Дан эгиндери	70,1	72,7	77,0	77,2
аның ичинен буудай	25,5	38,9	34,0	34,1
Техникалык өсүмдүктөр	6,2	6,5	5,9	6,3
аның ичинен кант кызылча	0,3	1,4	1,4	1,6
зыгыр	1,5	0,7	0,7	0,7
күн карама	2,5	2,7	2,1	2,5
Картошка ж-а жашылча	5,3	5,3	5,4	4,8
Тоют өсүмдүктөрү	10,4	37,4	38,2	38,5
Дүң жыймы млн т				
Дан эгиндери	55,6	113,5	77,5	126,9
аның ичинен буудай	19,3	62,0	35,5	—
Кант кызылча	3,2	23,9	19,2	27,7
Зыгыр буласы	0,2	0,2	0,2	0,1
Картошка	36,4	53,9	51,1	38,9

Мал чарбасынын негизги продукциясын өндүрүү

	1940	1970	1975	1976
Сүт, млн т	17,8	45,4	48,1	46,7
Эт (союлган салмакта), миң т	2373	6213	7548	6700
Жумуртка, млрд даана	6,6	23,6	33,4	32,3
Жүн, миң т	98,0	209,1	226,6	207,0

Транспорттун негизги түрү—т. ж., ага жүк айлануусунун ²/₃гө жакыны, жүргүнчүлөрдү ташуунун ³/₅ туура келет. Деңиз транспортунун маанисиң чоң. РСФСРде жүк ташуу 6-ча өлкөдөгү эң ири порт — Новороссийск, о. эле Ленинград, Находка жайгашкан. РСФСРдин улуттук кирешеси 1966—75-ж. 1,9 эсе, калктын ар бирине болуштурулган накта кирешe 1,7 эсе өскөн. Шаардык турак жай фондусунун жалпы (пайдалуу) аянты 1109,2 млн м²ге жеткен (1975). Мамл. ж-а кооперативдик сооданын (коомдук тамактануу м-н бирге) чекене товар жүгүртүүсү 11,7 млрд сомдон (1940) 122,4 млрд сомго (1975) жеткен. 1975-ж. сактык кассаларга 53,7 млрд сом (0,5 млрд сом, 1940) салынган, сактык кассага салынган акчанын орт. өлчөмү 832 сомду (47 сом, 1940) түзгөн.

РСФСРдин Кырг-н м-н да экон. байланышы чоң. Кырг-ндан станок, токардык патрон, кир жуугуч машинанын электр кыймылдаткычы, айрым электр жабдууларын, фаза жөндөгүч, түзөткүч агрегаттар, вентиль, автомобиль вентилин, трансформатор, электр изоляциялык материалдын электр лампасын, автомобиль лампасын, кабель продукцияларын, физ. приборлорду, автомобиль (самосвал, бензин куйгуч машина, сүт ташыгыч машина), чоп таңгактагыч, насос, картон, жүн, жүндөн ийрилген




Новосибирск ш. Кызыл проспект.

жиң, тери, эт, сүт продукцияларын, ө. ж. товарларын (триокотаж, баш кийим, булгаары бут кийим, кездеме, жибек ж. б.) алып, ага кара металл (чоюн, болот турбинасы), жүк ташуучу автомобиль, жеңил автомобиль, автобус, атайын автомобиль, трактор, автомобиль ж-а трактор прицептери, а. ч. машиналарын, минерал жер семирткич, шифер, жыгач, азык түлүк продукцияларын, текстиль ж-а үй тиричилик буюмдарын ж. б. берет.

Саламаттык сактоосу. Азыркы РСФСРдин аймагында 1913-ж. 133,4 миң өрүндүү 3,2 миң оорукана (10 миң кишиге 14,8 орун), 6 аллдар консультациясы, балдар поликлиникасы ж-а амбулатория 15,9 миң врач (10 миң кишиге 1,8 врач). 26 миң орто мед. кызматкер болгон. Жугуштуу оорулар (чечек, безгек, туберкулёз ж. б.) кеңири таралган. Окт. рев-ясынан кийин саламаттык сактоого айрыкча көңүл бургандыктан РСФСРде өмүрдүн орт. узактыгы рев-яга чейинки мезгил м-н салыштырганда 2,5 эсе өсүп, 70 жашка жетти, 1940-ж. 482 миң өрүндүү 8,5 миң оорукана (10 миң кишиге 43,3 орун), 4917 аллдар консультациясы, балдар поликлиникасы ж-а амбулатория, 90,8 миң врач (10 миң кишиге 8,2 врач), 290 миң орто билимдүү мед. кызматкер болгон. Ал эми 1976-ж. 1649,2 миң өрүндүү 12,9 миң оорукана (10 миң кишиге 12,4 орун), 13,9 миң амбулатория-поликлиника, 6 миң аллдар консультациясы ж-а балдар поликлиникасы, 1553 диспансер, 85,5 миң врач (10 миң кишиге 36 врач) болгон. РСФСРде врач м-н фармацевттердин 45 мед. ин-т ж-а ун-ттердин 5 ф-тети дайрдайт. Мед. илимдин проблемаларын 186 мед. мекеме ж-а 132 ил. из. ин-т чечет. РСФСРдин аймагында көп санаторий, курорт (Кавказ минералдуу суулары, Теберда, Белокуриха, Дарасун ж. б.) бар.

Элге билим берүүсү. РСФСРдин эл агартуу тарыхы байыртадан башталат. 16—17-ж-да көп улуттуу орус мамлекетинин калыптанышы ж-а китеп басуунун пайда болушу м-н элге билим берүү иши да жакшырган. Орто (граммат., грек-латын) мектептер, 1687-ж. жог. жалпы билим берүүчү окуу жайы — Славян-грек-латын академиясы ачылган. Пётр Iнин реформа программасында ак соокторду мамл. мектептерин ачууга көп көңүл бурулган. Алгачкы атайын окуу жайлар ачыла баштаган. Мис., Москвада 1701-ж. математика ж-а навигация илим мектеби, инженердик мектеп, Уралда тоо-завод мектеби ачылган. 1724-ж. Петербургда негизделген ИАнын карамагында академиялык ун-т ж-а академиялык гимназия түзүлгөн. Бирок элге билим берүү иши дооломтуу катмарга кызмат кылып, көпчүлүк эл сабатсыз болгон. М. В. *Ломоносовдун* ишмердиги билимдин өнүгүшүндө зор мааниге ээ. Аның планы м-н 1755-ж. Москва ун-ти ж-а аның карамагында 2 гимназия негизделген. 19-к-да капит. каштыл өнүгүшү тех. жог. окуу жайларды уюштурууга шарт түзгөн. Рев-ячыл демократтар: А. И. *Герцен*, В. Г. *Белинский*, Н. Г. *Чернышевский*, Н. И. Пирогов, К. Д. *Ушинский* ж. б. билим берүүнү демократташтыруу үчүн күрөшкөн. 19-к-дын алгы — 20-к-дын башында Россияда рев-ячыл жумушчу кыймылы м-н тыгыз байланышта маркстик педагогика калыптанып, В. И. Ленин тарбия ж-а билим берүүдөгү пролетариаттын талаптарын белгилеген. Маркстик педагогиканын бекемделишине Н. К. Крупскайын «Элге билим берүү жана демократия» (1915) деген китеби зор мааниге ээ. Окт. рев-ясы бардык улуттардын билим алышына, мад-тка жетишине жол ачкан. В. И. Ленин кол койгон декреттердин негизинде соц. курулуштун милдеттерине ылайык элге билим берүүнүн жаңы системасы түзүлгөн. 1918-жылдын башында чиркоону мамлекеттен ж-а мектепти чиркоодон бөлүү ж-дө декрет кабыл алынган. 1918-ж. БВАктын «РСФСРде бирдиктүү эмгек мектептери жөнүндөгү жобосунда» 8ден 17 жашка чейинкилерди милдеттүү түрдө акысыз окутуу көрсөтүлгөн. 1920-ж. РСФСР ЭКС сабатсыздыкты жоюу б-ча өзгөчө комиссия түзгөн. 1923-ж. «Сабатсыздык жоюлсун» деген коом уюшулган. 1930—31-ж. окуу жылында элетте милдеттүү башталгыч, шаар ж-а ш. т. посёлкаларда 7 жылдык билим берүү киргизилген. Ушул окуу жылында РСФСРдин аймагында 8—14 жаштагылардын 84,7% окуган. 1920—30-ж. жалпы билим берүүдө жумушчу ф-тетеринин ролу зор мааниге ээ болгон. Партиянын 17-съездинен (1934) кийин РСФСР ЭКС 1934-ж. мартта милдеттүү 7 жылдык политех. билим берүүнү киргизүү ж-дө токтом кабыл алган. 1949-ж. 7 жаштан милдеттүү 7 жылдык билим берүү киргизилген. КПССтин 24-съездинин (1971) чечимдерине ылайык РСФСР Жог. Советинин сессиясы (1974) «РСФСРде жалпы орто билим берүүгө өтүүнү ишке ашыруу маселеси жөнүндө» токтом кабыл алган. Кесипчилик-тех. билим берүүгө да көп көңүл бурулууда. Мектепке чейинки тарбиялоо системасы Окт. рев-ясынан кийин түзүлгөн. 1974-ж. 67 миң бала банча м-н ясликде 6138 миң бала тарбияланган. 1974—75-окуу жылында бардык түрдөгү 91,6 миң жалпы билим берүүчү мектепте 23 941 миң окуучу, 2477 атайын орто окуу жайда 2673 миң, аның ичинен өндүрүш ж-а курулуш окуу жайларында 1187 миң, а. ч. окуу жайларында 422 миң окуучу болгон. Мектепке чейинки ж-а мектептен тышкарки мекемелер, жалпы билим берүүчү мектеп, атайын орто окуу жайы, кесипчилик-тех. окуу жайлар үчүн пед. кадрларды пед. окуу жайлары, пед. ин-ттар ж-а ун-ттер даярдайт. 1974-ж. мугалимдердин билимин оркундотуу б-ча 80 ин-т иштеген. 1974-ж. РСФСРде 475 жог. окуу жай, аның ичинде 38 ун-т, 169 политех., 54 а. ч., 45 мед. ж. б. ин-ттар болгон. Билим берүү 47 тилде жүрөт. 1974-ж. 62 миңден ашык калк китепканасы болгон. РСФСРде универсалдуу эң ири мамл. китепканалар: Москвадагы *СССР китепканасы В.* И. Ленин атн., Ленинграддагы М. Е. Салтыков-Щедрин атн. ж. б. 1974-ж. 639 музей иштеген.



Тольятти ш. Волга автомобилинь ә-дүнүн башкы жыйноо конвейери.


Илими жана илимий мекемелери.


1. ТАБИЯТ ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК ИЛИМДЕРИ.


Байыркы Руста табият тууралуу маалымат тажрыйбанын негизинде чогултулган. Тех. тажрыйбалар укумдан тукумга берилип, байкоолордун ж-а тажрыйбанын негизинде табият илими ж-дө түшүнүк пайда болгон. Киев Русунда курулуш техникасы м-н кол онорчулук жакшы өнүккөн. Ар түрдүү табигый тарыхый маалыматтар жыл балдарда кездешет. Алар 10—11-к-да Руста Азиянын айрым бөлүктөрү м-н Европа ж-дө геогр. маалыматтар болгондугун далилдейт. Даниил Паломниктин «Салкатында» (1106—08) Константинополдон Иерусалимге чейин жасалган салкат баяндалган. 14-к-дын 2-жарымынан туз даярдоо, чайыр алуу, металлургия ж. б. өнүгө баштаган. 14-к-дын аягында (1382) алгачкы замбирек, 15-к-дын башында мунара сааттары (Москва, Новгород, Псковдо) пайда болгон. 16—17-к-да жез, күмүш, темир ж. б. кендер ачылып, ал системалуу пайдаланылган, 16-к-дын аягында мануфактура өндүрүшү башталган. 1703-ж. басма окуу китеби — «Арифметика» (Л. Ф. Магницкий), «Логарифмдер таблицасы» ж. б. чыккан. Өлкөнүн аймагын интенсивдүү изилдөө башталган. 1714—15-ж. А. Бекович-Черкасскийдин жетекчилиги м-н Каспий деңизинин чыгыш жээктеринин картасы кол м-н түшүрүлүп, аның негизинде К. Верден м-н Ф. И. Соймонов Каспий деңизинин алгачкы картасын (1720-ж. басылган) түзгөн. 1719—21-ж. И. М. Евреинов м-н Ф. Ф. Лужин Камчатка ж-а Курил а-дарынын картасын түзгөн. Орус илимининн тарыхында М. В. Ломоносовдун эмгектери билимдин бардык тармактарын камтып, өлкөдө илимдин, билим берүүнүн өнүгүшүнө зор таасир тийгизген. Математика м-н механика Л. Эйлер, И. ж-а Д. Бернуллилер, Я. Герман, Х. Гольдбахтын эмгектеринде өнүктү. Физикада М. В. Ломоносов, Г. В. Рихман иштешкен. Химия илимине М. В. Ломоносов негиз салган. Россияда ил. эмбриологияга негиз салган К. Ф. Вольф иштеген. И. П. Кулибин механика тармагында көптөгөн перселерди, 1763—65-ж. И. И. Ползунов жылуулук м-н иштөөчү установканы ойлоп чыгарган. 19-к-дын 1-жарымында Казанда, Петербургда ун-ттер ачылган. Аның карамагында обсерватория, хим. лабор-ялар, физ. кабинет, ботан. бак, ар түрдүү ил. коомдор уюшулган. Негизги ил. борбор Петербург ш. болгон. Анда математиктер М. В. Остроградский, В. Я. Буняковский, П. Л. Чебышев, астроном В. Я. Струве, аскерталаа хирургиясына негиз салган Н. И. Пирогов, эмбриолог ж-а анатом Х. Пандер ж. б. иштеген. 19-к-дын 1-жарымында илимпоздордун катышуусу м-н Жер шарын кеме м-н айланып чыккан 40тай салкат жасалган. Арктиканы, Алясканы, Ы. Чыгышты (Г. И. Невельской, 1848—55), Сибирди (А. Ф. Миддендорф, 1842—45), Алтайды (П. А. Чихачёв, 1842), Арал деңизин (А. И. Бутаков, 1848—49), Каспий деңизин (К. М. Бэр, 1853—56) изилдөө улантылган. Россиянын европ. бөлүгүнүн геол. картасы түзүлгөн. Минералогия, палеонтология б-ча эмгектер жарык көргөн. Электр техника, металлургия, ракета иши ж. б. өнүгүп, Е. А. ж-а М. Е. Черепановдор 1833-ж. Россияда биринчи паровозду курган. 1861-ж. А. М. Бутлеров хим. түзүлүш теориясын ачкан. И. М. Сеченов «Мээнин рефлекстери» деген эмгек жазган. 1869-ж. Д. И. Менделеев элементтердин мезгилдик законун ачкан. 60-жылдары К. А. Тимирязев дарвинизмди жактап, фотосинтез ж-догу окуунун өнүгүшүнө чоң салым кошкон. Биол. илими да ыкчам өнүгүп, орустун көрүнүктүү биологдору эволюциялык теорияны жактап, дарвинизмдин негизинде биологиянын көз бир бөлүктөрүн кайрадан түзүүгө чоң салым кошкон. Орус клиникалык медицинасы Европада алдыңкы орунда турган (С. П. Боткин, Г. А. Захарьин, А. А. Остроумов). А. Я. Кожевников дүйнөдө биринчи жолу нерв ооруларынын кафедрасын (1869) негиздеп, орус невропатологдорунун (В. К. Рот, Р. И. Россолимо ж. б.) мектебин түзгөн. Математикада П. Л. Чебышев жетектеген Петербург мектебн негизги роль ойногон. Бул мектептин өмгектери ыктымалдык теориясына, сандар теориясына, матем. анализ м-н матем. физикага арналган. Колдонмо математикада ж-а механикада Н. Е. Жуковский, С. А. Чаплыгин, И. В. Мещерскийлер иштеген. К. Е. Циолковский космонавтика теориясына ж-а космостук аппараттарды түзүүгө негиз салган эмгектерди жаратқан. Орус океанография илими (С. О. Макаров, Ю. М. Шокальский ж. б.) ж-а климатология (А. И. Воейков) да ийгиликтерге жетишкен. 19-к-дын 2-жарымында Россиянын аймагын изилдөө б-ча көп иштер жүргүзүлгөн. П. П. *Семёнов-Тянь-Шанский* (1856—57), кийин Н. М. Пржевальский м-н В. И. Роборовский, Г. Е. Грумм-Гржимайло ж. б. О. Азиялга экспедиция жүргүзгөн. П. А. Кропоткин Сибирде геол. изилдоолорду, В. Л Комаров О. Азиянын флорасын, Ы. Чыгышты (Камчатканы) изилдеген. Н. Н. Миклухо-Маклайдын Жаңы Гвинеяга жасаган салкаты илимдин өнүгүшүндө чоң роль ойногон. Техника илими да өнүккөн. 1895-ж. А. С. Поповдун радиону ойлоп табуусу техникада улуу жаңылык болду. Т. ж. транспортунун өнүгүшүнө А. Н. Бородин, Н. Н. Митинский, кеме куруу ж-а кеме жүргүзүүдө В. И. Калашников, машина курууда К. А. Тимее, К. А. Зворыкин, В. Л. Кирпичев, курулуш техникасында Н. П. Петров, В. Г. Шуховдор ийгиликтүү эмгектенген. Улуу Окт. соц. рев-ясы орус илимиңде жаңы доорду ачкан. РСФСРдин экономиктуулары өлкөнүн өндүрүш ресурстарын өздөштүрүүгө, ө. ж. минералдык сырьё м-н камсыз кылууга, ГОЭЛРО планын түзүүгө активдүү катышкан. Азыр илимдин бардык тармактарынын ж-а техниканын өнүгүшүнө чоң салым кошууда.

2. КОМПАУС ИЛИМДЕРИ

Философия илими. Байырлы Русте алгый жазуучулардын (Иларион, Кирилл Туровский, Владимир Мономах, Нестор ж. б.) чыгармала философ. илеглер айтылган. 1687-ж. Москвада Славяно-греко-латын академиясында христиандык духунда алгачкы курс окулган. Петр I нин реформасы орус коомчулугунун философ. духунун өсүшүнө багыттаган. 1715-ж. Фофилчи жолу аристотелдин «Эрмения герменевтикасы» деген космология орус тилине жарыкталган. Россиялык табият таануу ж-а материалисттик философ. салттын М. В. Ломоносов негиз салган. 1755-жылдан философ-физик. башкы бөлүмдө Москва университетинде (1804-ж. Харьков университетинде) А. Н. Радищев, П. И. Пестель, Н. А. Бестужев, Б. Ф. Рылеев ж. б.) орус философ. илимдеринин өнүгүшүнө чон салым кошкон. В. И. Ленин орус революц. демократ. маркстик философ. жана этик. илеглер, Л. Фейербах, Ж-Ж. Руссонун материалисттик көзкарашын өнүктүрүү, Белин революц. демократ. маркстик философ. көзкарашын калыптандыруу үчүн маанилүү мааниге ээ болгонун белгилеген. Орус революц. демократ. маркстик философ. мектебинин (1894-жылдан революц. марксизм) өкүлдөрүнө Г. В. Плеханов, В. И. Ленин, А. А. Богданов, А. В. Луначарский, Н. К. Крупская ж. б. кирген. «Эмпириокритицизм» жөнүндө» (1909) жана «Философ. дептерлер» (1933) аттуу эмгектеринде В. И. Ленин диалект. жана материалисттик философияны өнүктүрүүдө чон салым кошкон. Ал маркстик-ленинчил философияны өнүктүрүүдө Россиянын революц. демократ. философ. салттарын (А. И. Герцен, Н. Г. Чернышевский, Н. А. Добролюбов ж. б.) чыгармачылык менен пайдаланган. Октябрь революциясынан кийин Россияда диалект. материализмдин өнүгүшү жаңы этапка көтөрүлдү. Ленинчил философ. мектеп түзүлдү. Ленинчил философ. мектептин өкүлдөрү: Г. В. Плеханов, А. А. Богданов, А. В. Луначарский, Н. К. Крупская, Д. Б. Рязанов, Н. И. Бухарин, В. П. Милютин, Н. А. Милютин, Ф. Ф. Раскольников, Н. А. Семашко, М. Н. Покровский, Ем. Ярославский, Н. И. Подвойский, Н. А. Скрыпник, Г. Е. Зиновьев, Л. Б. Каменев, Н. И. Бухарин, Г. Л. Пятаков, К. Б. Радек, Г. Я. Сокольников, Н. А. Милютин, Ф. Ф. Раскольников


1


2


3


4


5


6



7


РСФСР макаласына. **1.** Москва. Шаардын борб. бөлүгү. **2.** Ленинград. Алдыңкы планда — Исаакий собору. **3.** Владивосток. Пляжда. **4.** Петрозаводск. Шаардын Онега көлүнүн жээгиндеги бөлүгү. **5.** Арх. Ю. Л. Шварцбрейм, В. Я. Эдемская, инженерлер Н. В. Топилин, П. У. Карпов. Сочидеги цирк. 1971. **6.** Арх. С. Х. Галажева, В. Д. Красильников, А. А. Попов, В. А. Шульрихтер, инженерлер И. Н. Клюзнер, Л. Ф. Паршин. Тулагы театр. 1970. **7.** Ярославль. Шаардын көрүнүшү. Алдыңкы планда — Илья Пророктун чиркеесү.



1


2



3


4


5



6


7


8

РСФСР макаласына. **1.** Суздаль — байыркы шаар. **2.** Байыркы Псков кремли. **3.** Брест крепосту. **4.** Красноярск ш. **5.** Воронеж ш. **6.** Чебоксары ш. **7.** Свердловск ш. **8.** Волгоград ш.


1


2


3


4


5


6


7


8


9


10


11


12

РСФСР макаласына. 1. Москва Кремлиндеги Благовещение собору. 1484—89. 2. А. Рублев. «Спас» иконасы. 1410—20-ж. чен. 3. К. П. Брюллов. «Помпейдин акыркы күнү». 1830—33. Фрагмент. 4. И. И. Шишкин. «Токой мейский. «СССР гимнасттары». 1964. (Бардыгы Третьяков гал. Москва.). 7. «Мылтыкчан киши» фильминен кадр. Реж. С. И. Юткевич. 1938. 8. «Чапаев» фильминен кадр. Реж. Г. Н. ж-а С. Д. Васильевдер. 1934. 9. Л. О. Утёсов жетекТеген РСФСР мамл. эстрада оркестри оюн көрсетүүдө. 10. «Броненосец «Потёмкин»» фильминен кадр. Реж. С. М. Эйзенштейн. 1925. 11. «Бул жердин таңы бейкут...» фильминен кадр. Реж. С. И. Ростоцкий. 1972. 12. «Акын мүнөзү» спектаклинен көрүнүш. Реж. М. Казаков. 1977. Москва.

тилдеринде китеп чыгарууга киришти. 1930-ж. Мамл. басмалар бириксмеси (РСФСР ОГИЗ) ачылды. 30-жылдары басмаларды прилештирүү, адистештирүү процесси жүрдү, 1963-ж. РСФСР Мин. Советинин Басма сөз б-ча мамл. комитети (1972-жылдан — РСФСР Мин. Советинин басма, полиграфия ж-а китеп соода иштери б-ча мамл. комитети) түзүлдү.

Респ-канын көчүлүккө арнап саясий, ил.-популярдык ж-а көркөм ад-т чыгарчу ири басмасы — «Советская Россия» (1957-ж. негизделген). Балдар ж-а өспүрүмдөр ад-тын чыгарчу басмалар — «Детская литература» ж-а «Малыш», окуу пед. ад-тынын ири басмасы — «Просвещение». «Современник» (1970) классикалык орус ад-ты б-ча китептер ж-а РСФСРдин азыркы жазуучуларынын чыгарлары, «Художник РСФСР» — сүрөт өнөрү б-ча ад-ттарды, «Россельхозиздат» а. ч. б-ча ад-ттар чыгарат. Эски басмалардын ирилери — «Московский рабочий» (1922), Лениздат (1917). РСФСРдин крайлары м-н областтарында да ирилешкен басмалар бар. 1976-ж. РСФСРдин бардык басмалары 1367,7 млн нуска м-н 54,3 миң китеп ж-а китепче чыгарган. 1978-ж. РСФСРден бүткүл союздук 30 газета чыккан. 1956-жылдан КПСС БКнын, РСФСР Жог. Советинин Президиуму м-н РСФСР Мин. Советинин газетасы «Советская Россия» басылат. Респ-када 1976-ж. жылдык тиражы 27,8 млрд нуска 4253 газета (аның 27,3 млрд нуска м-н басылчу 3949 газетасы орусча), жылдык тиражы 2,3 млрд нуска 3672 журнал (аның 2237 млн нуска м-н чыкчу 3762 наамдагысы орусча) чыккан.

РСФСР аймагына берилчү борб. союз ичи ж-а жерг. радио үктөрүүнүн суткалык орт. көлөмү 558,6 с, аның 8 программасын (156,6 с) Москва үктурат. Жерг. радионун үктүрүүсү 46 тилде жүрөт. Аның көлөмү — 402 с. Респ-кадагы борб. ж-а жерг. телекөрсөтүүнүн суткалык орт. көлөмү 990 с, аның 785 с Москвадан түзүлөт.

Адабияты. Орус элинин оозеки ад-ты макал, ылакап, миф, уламыш, жомок, ангеме, лирикалык, тарыхый ырларга бай. Булар идеялык-көркөмдүк бийиктиги, эл турмушун таасын сүрөттөгөнү м-н өзгөчөлөнүп турат.

11—13-к-да жаралган жазма өстелитеринин бири «Жылдар баянында» (11-к.) орус элинин тарыхый ролу, Орус мамлекетинин түзүлүшү ж-дө сөз болот. Орус элин биримдикке үндөөдө, патриоттук духта тарбиялоодо *«Игордун көшүнү жөнүндө сөздүн»* (12-к.) мааниси чоң. 13—14-к-дагы жыл баяндары м-н тарыхый дастандарда орус турмушунун орчун маселелери көтөрүлөт. 15—17-к-да ангеме түрүндөгү чыг-лар жаралган.

Жаңы орус ад-ты 18-к-да пайда болгон. Ад-ттагы багыттар идеялык-өстетикалык касиеттер м-н жуурулушуп, калыптанып калган улуттук маданий белгилерди (салттарды) боюна сиңирген. А. Д. Кантемир, В. К. Тредиаковский, М. В. Ломоносов, А. П. Сумароков ж. б-лардын чыг-лары м-н орус ад-ты жаңы белеске чыккан. А. Н. Радищевдин «Петербургдан Москвага сапкты» (1790) В. А. Жуковский м-н К. И. Батюшковдун элегиялары жарык көргөн. Азаттык идеялары В. Ф. Раевский, К. Ф. Рылеев, В. К. Кюхельбекерлердин чыг-ларында чагылдырылат. И. А. Крылов, А. С. Грибоедовдун чыг-лары сатиралык ж-а драмалык багытты чыйралткан. А. С. Пушкин нукура элдик, реалисттик ад-ты негизден, орус ад-тында жаңы доорду ачып, аны дүйн. ад-ттардын деңгээлине көтөргөн. Анын ырлары, поэмалары, романдары дүйн. казынага кошулду. Пушкиндин жолун М. Ю. Лермонтов, Н. В. Гоголь ж. б-лар тереңдетишкен.

Сынчыл өстетикалык ой В. Г. Белинскийдин чыг-лары м-н бой көтөрдү. И. А. Гончаров, И. С. Тургенев, Ф. М. Достоевский, М. Е. Салтыков-Щедрин, А. И. Герцен сыяктуу жазуучулардын чыг-ларында эл турмушу, ой-санаасы ашкере чындык, көркөмдүк м-н сүрөттөлөт. Бул салттар А. П. Островский, Н. А. Некрасовдор тарабынан улантылды. 19-к-дын экинчи жарымынан баштап орус ад-ты идеялык өнүгүүнүн жаңы жолуна түштү. «Современник» журналы рев-ячыл демократтардын куралына айланды. Ошол учурда Н. Г. Чернышевский, Н. А. Добролюбов өздөрүнүн рев-ячыл матер. өстетикасы м-н падышалык тартипке аёосуз күрөш ачты. Л. Н. Толстойдун «Анна Каренина», «Согуш жана тынчтык» романдары, А. П. Чеховдун ангемелери м-н орус ад-тынын арымы кеңиди. 20-к-дын башында М. Горький, А. А. Блок, И. А. Куприн, И. А. Бунин, В. В. Маяковский ж. б-лардын чыг-лары жаралды.

Соц. реализмдин принциптери пуска туткан орус совет ад-ты — дүйн. ад-ттын өнүгүшүнүн жаңы этабы. Орус совет адты коммунисттик идеялар м-н сугарылып, сов. адамдын мүнөзүнүн жетилишинде чоң идеялык-тарбиялык роль ойнойт. Бул ад-ттын өнүгүшүндөгү башкы багыт — эл турмушу м-н байланышты чындап, соц. турмуштун ар кыл жактарын туура ж-а иког. көркомдуктө чагылдыруу. Соц. искөнүн теориялык негиздери В. И. Ленин дин «Партиялык уюм жана партиялык адабият» (1905) ж-а Л. Н. Толстой ж-дөгү макалаларында, маркчыл сынчылардын эмгектеринде түптөлгөн. Орус совет ад-тынын негизчилери — М. Горький, Д. Бедный, А. Серафимович, В. Маяковскийлер. Алардын катарын А. Блоктун, Б. Брюсовдун, С. Есениндин, А. Ахматованын, М. Пришвиндин, В. Вересаевдин акындык ж-а жазуучулук ысымдары толуктап турат. Соц. реализм ад-тынын түзүлүшүндө М. Горькийдин чыг-лары, В. Маяковскийдин «Владимир Ильич Ленин» (1924) поэмасы, Д. Фурмановдун «Чапаев» (1923), А. Серафимовичтин «Темир сел» (1924) ж-а А. Фадеевдин «Талкалоо» (1927) романдары чоң роль ойногон. Рев-ячыл романтикасы, тан күрөшүнүн каталл мезгили, НЭП учурундагы өлкөнүн турмушу ж-а адамдын ички дүйнөсү 20-жылдардагы чыг-ларда ар тарабынан чагылдырылган (В. Маяковский, С. Есенин, Б. Пастернак, Э. Багрицкий, А. Безыменский, А. Жаров м-н И. Уткиндердин лирикасы; В. Иванов, Л. Леонов, Ю. Лебединский, Б. Лавренёв, А. Неверов, Ю. Олеша, И. Бабель, Гладков ж. б-лардын роман, повесттери; В. Билль-Белоцерковский, К. Тренёв, И. Булгаков ж. б-лардын пьесалары). 30-жылдардагы көрүнүктүү чыг-ларга М. Шолоховдун «Көтөрүлгөн дың» (1-к-п, 1932) романы кирет. Мында дыйкандардын эскиче жашоо ыңгайынын кыйрашынын драмалык учуру, компартиянын жетекчилиги м-н калайык тарабынан ишке ашкан ири социалдык тарыхый төңкөрүш катары көрсөтүлөт. Бул жылдары совет ад-ты рев-ячылык күрөш учурундагы совет адамынын жетилүү процессин өлкөнүн турмушу м-н тыгыз байланышта көрсеткен Н. Островскийдин «Болот кантип курчуду» (1935) романы, А. Макаренко, А. Малышкин, Ю. Крымов ж. б-лардын чыг-лары сыяктуу мыкты көркөм сөз туундулары м-н байыды.

Совет ад-тынын өнүгүшүндө ВКП(б) БКнын «Адабий-көркөм уюмдарды кайра түзүү жөнүндө» (1932) деген төктому маанилүү окуя болду. Төктомдо мурдагы маанилүү окуя болду. Төктомдо мурдагы адабий уюмдарды жоюп, СССР жазуучуларынын биримдиктүү союзун түзүү каралган. Сов. жазуучулардын бүткүл союздук 1-съезди совет ад-тынын биримдигин чындап, соц. реализмге аныктама берди.

30-жылдары совет прозасында дүйнөнү таанымал чыг-ларды жазуу аныктаган: М. Горькийдин «Клим Самгиндин өмүрү» (1925—36), Шолоховдун «Тынч Дон» (1928—40), А. Толстойдун «Кыйын кезең» (1920—41) эпопеялары. Аларда Окт. рев-ң сынын тарыхый ж-а идеялык-саясий обөлгөлөрү терең талданып, орус элинин өзгөлөрү терең талданып, орус элинин обөлгөлөрү терең талданып, орус элинин оболголору терең талданып, орус элинин рев-ң ж-а гражд. согуштагы тарыхый жолу баяндалат. 30-жылдардагы поэзия ролу баяндалат. 30-жылдардагы поэзия ролу да маанилүү. Ал эми проза романтикалык маанайдын басымдуулугу (Б. Корнилов, В. Саянов ж. б.), элдик ырлардын өнүктүрүлүшү м-н (мис., М. Исаковский) мүнөздөлөт. Ал эми проза да лирикалык тенденция (М. Пришвин, К. Паустовский, И. Соколов-Микитов ж. б.), драматургияда баатырдык романтика (Л. Славин, В. Вишневский, Н. Погодин) алга чыккан. А. Толстой («Пётр I», 1929—45), А. Чапыгин, О. Форш, Ю. Тынянов, С. Злобин, В. Шишков ж. б-лардын тарыхый темадагы романдары жарык көргөн. 20—30-жылдары Совет балдар ад-ты заман талабына шайкеш өнүгүп олтурган (К. Чуковский, С. Маршак, С. Михалков, А. Барто, А. Гайдар, В. Каверин ж. б-лар).

Улуу Ата Мек. согуштун биринчи күндөрүнөн эле сов. жазуучулар орус тарыхынын даңазалуу баракчаларына кайрылышып, калкты эл-жерди коргоого үндөгөн чыг-лар жазышкан (И. Эренбург, А. Толстой ж. б-лардын публицистикасы, В. Лебедев-Кумач, К. Симонов, А. Сурков, М. Алигер, М. Дудин, А. Тихонов, А. Прокофьев ж. б-лардын ырлары м-н поэмалары, А. Бек, В. Гроссман, В. Горбатов ж. б-лардын прозалык чыг-лары). А. Твардовскийдин «Василий Тёркин» (1942—45) поэмасында элдин согушка карата мамилеси, ар кыл ой-пикири кеңири планда көрсөтүлөт.

40-жылдардын аягы—50-жылдардын башындагы ад-т согушту ж-а совет элинин фашизмди жеңишин көркөм андап билүүнү уланты: А. Фадеевдин «Жаш гвардия» (1945, жаңы редакциясы — 1951), Б. Полевой, Э. Казакевич, В. Панова ж. б-лардын чыг-лары. Согушта кыйраган эл чарбасын калыбына келтирүү, элдин каарман эмгеги П. Павленко, В. Ажаев, В. Кочетов, А. Грибачёв ж. б-лардын чыг-ларынын өзөк темасын түзүү. Л. Леоновдун «Орус токою» (1953), К. Фединдин «Алгачкы кубанычтар» (1945), «Ботончо жай» (1947—48), Ф. Гладковдун «Бала чак жөнүндө повесть» (1949) ж-а Г. Марков, С. Сартаков, В. Кожевников ж. б-лардын чыг-лары согуштан кийинки ад-тта көрүнүктүү орунда турат. 50-жылдардын ортосунда башталган партиянын зоболого сыйынуунун кесепеттерин жоюу б-ча күрөшү, коомдук турмушту демократташтыруурага алган багыты ад-ттын дагы өркүндөшүнө демилге берди. Айыл-кыштактын өрчүүдүү маселелери, адамдын ж-а соц. гуманизмдин милдети ж-дөгү проблемалар В. Овечкин, В. Тендряков, П. Нилин, Ю. Герман, Д. Гранин, Г. Николаева ж. б-лардын чыг-ларында чагылдырылган. Өлкөнүн башынан кечиргенин ж-а учурдагы абалы ж-дөгү ой жүгүртүүлөрдөн А. Твардовскийдин «Мейкинден мейкинге» (1953—60) поэмасы жаралды. 50—60-жылдардын поэзиясынын ийгиликтери С. Наровчатов, А. Межиров, К. Баншенкин, Е. Винокуров, Д. Самойлов, Б. Слуцкий, В. Шефнер, С. Орлов, Я. Смеляков, Н. Рыленков, Л. Мартынов, В. Луговской ж. б. акындардын ысымдары м-н байланыштуу. Драматургияда Р. Розов, А. Штейн ж. б-лар баалуу чыг-лар беришти. Е. Евтушенко, А. Вознесенский, Б. Ахмадулина, Р. Рождественский, В. Цыбин, В. Аксенов, Ю. Казаков ж. б. жазуучулар ад-тка ушул жылдары кошулду.

60-жылдардын ад-тында «согуш прозасы» чоң орун ээледи (Г. Бакланов, Ж. Бондарев, Б. Васильев, В. Астафьев, В. Богомолов, А. Чаковский ж. б.). Ад-тка К. Симоновдун «Өмүр жана өлүм» (1959—71) үчилтиги чоң окуя катары кирди. Е. Дорош, Ф. Абрамов, В. Распутин, В. Белов, В. Шукшин, П. Проскурин ж. б-лардын прозалары азыркы айыл-кыштак турмушун, андагы адамдардын өз ара мамилесин, мүнөздөрүн таамай сүрөттөгөнү, көркөм анализден бергени м-н баалуу. Азыркы лениндана М. Шагинян, Н. Погодин, М. Шатров, Е. Евтушенко, А. Вознесенский ж. б-лардын чыг-ларында м-н толуктапды. Эренбург, Паустовский, Чуковский, Маршак, Исаковский, Каверин, Катаев, Шкловский ж. б-лардын көркөмөмүардык чыг-ларына адабий процессте өзгөчө орун таандык.

Ад-ттын өнүгүшүндө КПСС БКнын «Адабий көркөм сын жөнүндөгү» (1972) төктомунун орчундуу мааниси бар. Азыркы орус совет ад-ты дүйнөнү улам терең чагылтуу ж-а көркөм каражаттарды өздөштүрүү багытында өнүгүүдө (И. Дво-

рецкий, Г. Бокарев, А. Гельман, А. Вампиловдордун пьесалары; А. Битов, Ж. Трифонов, О. Куваев ж. б-лардын прозалык чыг-лары; Н. Рубцов, С. Кунлев, А. Кушнер, О. Чуковцев ж. б-лардын поэзиясы). Орус ад-тынын нускалуу салттарын кыргыз жазуучулары чыг-лык м-н өздөштүрүүдө. Кыргыз ад-т таануусу орустун А. С. Пушкин, Л. Н. Толстой, А. М. Горький, В. В. Маяковский, М. А. Шолохов өндүү корком соз суроткерлеринин кыргыз совет прозасы м-н поэзиясына тийгизген таасирин ар тараптан изилдеген эмгектер жазылды.


Орус совет ад-ты турмушту рев-лдын өнүгүшто туура ж-а тарыхый конкреттүү чагылдырылганы, айныбастан гуманизм идеясын конкреттүү коргогону м-н дүйнөго кадыр-баркту.

Архитектура жана сүрөт өнөрү. РСФСРдин аймагында палеолит доруна таандык аалдардын скульптурасы, канаттуулардын ж-а түрдүү жаныбарлардын (скульптура, воокага тартылган сүрөттөр) сүрөттөру, сөөктөн жасалган билериктер табылган. Неолит доорунда үйлөр салынып, керамика м-н асемделген. Кареліяда табылган воокадагы сүрөттөр ошол доордун көңүлгө аларлык эстеликтери. Неолит ж-а коло доорунда керамика, монумент скульптура өнүгүп, жыгач үйлөр курулган. Колодон куюлуп жасалган кооз куралдар, биюсттар Чыгыш мадты м-н байланышта болгонун кабарлайт.

Уруулар биригип, мамлекеттин пайда болушу — байыркы мад-ттан о. кылым мад-тына өтүү учуру (б. з. 1-миң жылдыгында) корком чыг-ларынын өнүгүшүнө шарт түзгөн. 9—10-к-да Байыркы Русь шаар мад-ты калыптанган. 10—13-к-дын орто чени — Байыркы Русь мад-тынын гүлдөгөн доору. Таштан курулган кооз, бийик имараттар (чиркөө, монастырь, сарай), фреска, мозаика м-н кооздолуп, икон өнөрү, китеп миниатюрасы жогорку деңгээлге көтөрүлгөн. Киев, Чернигов, Новгород, Полоцк ж. б. ш-ларында монумент соборлор курулуп, зергерчилик өнөрү м-н кол өнөрчүлүк кеңири тараган. 13-к-дын аягы — 17-к-да Русь мад-ты жаңы баскычка көтөрүлгөн.

13-к-дагы монгол-татар согушунун кесепетинен русь сүрөт өнөрү төмөндөп, 13-к-дын аягында ал кайрадан өнүгүү жолуна өткөн. Новгороддо, Псковдо арх-ралык, Ростовдо, Ярославлда сүрөт мектептери ачылат. Москва Кремли өмөндөн (1339), кийин ак таштан (1367) курулган. 15-к-дын 2-жарымында борб. Русь мамлекетинин түзүлүшү м-н Москва маданий борборго айланган.

16-к-да Москвада чиркөөлөр (Коломенскидеги Вознесения чиркөөсү, Василий Блаженный храмы) курулган. Русь мамлекетинин ири борборлорунда (Новгород, Тула, Коломна, Зарайск, Смоленск, Серпухов) кремлдер салынып, турак жайлар негизинен жыгачтан тургузулган. 14-к-дын аягы — 15-к-дын башында Русь сүротчүлөрү Феофан Грек, Андрей Рублёвдор атактуу сүрөт чыг-ларын жаратkан. 15—16-к-дын башында Дионисийдин чыглары кунулга толуп, сыйлуу жайларын (кудай сүрөттөрү) оруп алган. 17-к-да Русь сүрөт өнөрү дүйн. мазмунда өнүгүп, Русь мамлекетинин чек арасынын кеңейиши м-н жаңы чептер курулган. *Курал-жарак палатасы* мамл. корком борбор болуп калат. О. кылымда түн. ж-а сибирь өлдеринин мад-ты алгачкы коом мад-тынын деңгээлинде калган. Түн. Кавказда 12-к-га чейин таш чиркөөлөрү курулса, кийин мусулман мечити тургузулган. Металл иштетүү өнүккөн.



Волгоград ш. Царица д-ндагы көпүрө.

18—19-к-дын 1-жарымы о. кылым мад-тынан жаңы доор мад-тына өтүү мезгили болот. Чыгыш Европа м-н байланыш кеңейип, көптөгөн сүрөттөр Россиядан алынып келинген. Русь сүротчүлөрү чыгыштан таалим алган. 1757-ж. Петербургда Европа тибиндеги корком академия негизделип, агартуу идеясы кеңири кулач жайган. 17-к-дын акырында жаңы доордун талабына шайкеш шаарлар планду курула баштаган. Русь арх-расы жалпы Европа корком стиль системасында өнүгүп, 18-к-да *барокко, классицизм* пайда болгон. 19-к-дын ортосунда өкүм сүргөн классицизм арх-раның бүт түрүнө жайылган. Русь шаарларын реконструкциялоонун 400дөн ашык планы иштелип чыккан. Бул мезгилде М. Ф. *Казаков*, А. Д. Захаров, К. И. Росси ж. б. атактуу архитекторлор чыг-лык м-н эмгектенген.

Бул доордо сүрөт өнөрүндө айрыкча *портрет* жанры калыптанган (И. Н. Никитин, А. М. Матвеев ж. б.). 18-к-дын 2-жарымында Д. Г. Левицкий, В. Л. Боровиковский, Ф. И. Шубиндердин чыг-лыгы орус сүрөт өнөрүндө чоң маанине ээ болгон. О. А. *Кипренский*, В. А. Тропинин, К. П. Брюллов сыяктуу сүротчүлөр өз чыг-ларында замандашынын психологиясын, мүнөзүн зор чеберчилик м-н ачып берген. 19-к-дын ортосунан айрыкча турмуш-тиричилик жанры өнүккөн. Көп өнөрчүлүк өнөрүнүн көркөм таасири астында арх-ра м-н скульптура өрүш алган. Жыгачты бедерлөө, асемдөө м-н кооз буюмдар далдырган.

19-к-дын 2-жарымында Россияда капитализмдин өнүгүшү, рев-лчыл кыймылдын жогорулашы арх-ра м-н сүрөт өнөрүнө чоң таасир этип, жаңы курулуш материалдары (металл конструкциясы) өздөштүрүлгөн. Ө. ж. ж-а транспорт курулуштары, банк, соорукана, мейманкана, турак жайлар курулган. 20-к-дын башында көл өнөрчүлүк өнөрүндө «модерн» стили тарайт. 19-к-дын 2-жарымында сүрөт өнөрүндө демокр. реализм күчөп, айрыкча көчмө сүротчүлөр негизги роль ойногон. Реализм сүрөт өнөрүндө негизги өрүлгөн өз болот. И. Е. *Репин*, И. Н. *Крамской*, Н. А. Ярошенко, С. В. Иванов сыяктуу сүротчүлөр эмгекчилерди даңазалаган көөнөрбос чыг-лар жаратат. 1905—07-жылдагы рев-лдан кийин сүротчүлөр түрдүү топторго, агымдарга ажыраса, Улуу Окт. рев-лсы жаңы тарыхый типтеги өнөрдүн м-н тыгыз байланышта болгон соц. коомдун өнөрүн пайда кылды. Жумушчу райондор, турак жай, жумушчу клубдары курулуп, эски шаарлар реконструцияланды. Бешжылдыктар убагында жаңы шаарлар өсүп чыкты. Архитекторлор жаңы курулуш материалдарын кеңири пайдаланып, арзан ж-а сапаттуу, ошону м-н бирге кооз курулуштарды (Москва метрополитени, Москва каналындагы көпүрө ж. б.) курду. 1932-ж. СССР арх. соорду уюшулган. Улуу Ата Мек. согуш жылдары фашисттер кыйраткан шаар, посёлкалар, арх-ра эстеликтери кайра калыбына келтирилди. 50-жылдардын жарымынан баштап курулушту кеңири индустриялаштыруу, ири блокторду, панелдерди пайдалануу курулуш темпин тездетти. 60—70-жылдары Москвадагы



Хабаровск ш. В. И. Ленин атн. аллт.

Окуучулар м-н пионерлердин двореци (арх. И. А. Покровский ж. б.), В. И. Ленин атн. стадион комплекси (арх. А. В. Власов ж. б.), Кремлдеги съездер двореци (арх. М. В. Посохин, А. А. Мндоянц ж. б.) ж. б. курулуштар — сов. арх-ранын мыкты үлгүсү.


20-жылдары чакырык плакаты м-н газета, журнал графикасы өнүгүп, сүрөт өнөрүндө соц. реализм негиз болгон. Бул жылдары сюжеттүү тематикалык картиналар, скульптурада портрет жанры басымдуулук кылган. Д. С. Моордун плакаттары, И. И. Бродский, А. М. Герасимов, М. В. Грековдордун сүроттору, П. А. Андреев, С. Т. Конёнков, В. Д. Королёв, М. Г. Манизер, С. Д. Меркуров, В. И. Мухинанын скульптуралары ж. б. сов. сүрөт өнөрүнүн казыпкан байлыгы. Китеп ж-а станковый графикада сов. мүнөздү көрсөткөн жаңы образдар пайда болду.

Б. В. Иогансондун «Коммунисттерди сурак кылуу», С. В. Герасимовдун «Сибирь партизандарынын анты» картиналарында, В. А. Фаворский, А. И. Кравченко ж. б. графикада, П. Д. Шадр, С. Д. Лебедева, В. Н. Томский, Л. Е. Кербель, Е. В. Вучетич ж. б. скульптурада сов. адамдардын жаркын образын жаратты. РСФСР сүротчүлөр союзу 1960-ж. түзүлгөн.

Музыкасы. РСФСРдин муз. мад-ты эл чыг-лыгы м-н тыгыз байланыштуу. Орус ырларынын муз. түзүлүшү өркүн, обонго бай, ченем ыргагы ар түркүн ж-а ийкемдүүлүгү м-н айырмаланат. Христиан динин кабыл алгандан кийин бир нече кылым бою бир үндүү чиркөө ыры өнүгүп, 17—18-к-да көп үндүү партесту ырдоо ж-а кант, псалма таралган. 18-к-да профессионал муз. өнөрдүн муз. театр, камералык ж-а симф. концерт өндүү жаңы формалары кирген. 18-к-дын аягында композиторлор мектеби түзүлүп, 19-к-да орус классикалык музыкасынын негиздөөчүсү М. И. Глинка, сын реализмдин өкүлү А. С. Даргомыжскийдин жетекчилиги м-н орус музыкасы өкүм өккөн. А. Г. Рубинштейн негиздеген Орус муз. коому (1859) көптөгөн өгүүчулардын көңүлүн олуттуу музыкага бурул, Петербургда (1862) ж-а Москвада профессионал муз. кадрлардын өсүшүнө мүмкүнчүлүк түзгөн. Сынчы, композитор А. Н. Серов ж-а 60-жылдардагы композиторлордун «Кубаттуу топ» үюму муз. чыг-лыкты өнүктүрүүгө өбөлгө болгон. Орус ж-а дүйн. музыкада реализмдин өң жог. чеги — П. Чайковскийдин чыг-лары. 19—20-к-да С. Танеев, А. Глазунов, А. Лядов, В. Калинников ж. б-лар орус муз. класситеринин реалдуу талабын илгерилетишкен. Ал эми Окт. соц. рев-ясынан кийин орус музыкасынын өнүгүшүндө жаңы этап башталды. Эң көрүнүктүү сов. композиторлор: А. Александров, М. Блантер, А. Давиденко, И. Дунаевский, В. Захаров, Э. Колмановский, Б. Мокроусов, В. Мурадели, А. Новиков, А. Островский, А. Пахмутова, А. Петров, В. Соловьёв-Седой, С. Туликов, М. Фрадкин, Ян Френкель, Т. Хренников, А. Эшпай ж. б. Камералык, вокалдык ж-а аспаптык музыканы өнүктүрүүдө А. Н. Александров, Н. Мясковский, С. Прокофьев, Г. Свиридов, Ю. Шапорин, В. Шебалин, Д. Шостакович, В. Чайковский, Б. Тищенко ж. б-дын эмгеги зор. РСФСРде (1975) 42 муз. театр, 15 опера ж-а балет театры, 18 муз. комедия ж-а оперетта, 1 муз. драма, 8 муз. театр, 24 симф. оркестр, 8 эл аспаптар ж-а үйлөмө оркестри, 34 камералык оркестр ж-а аспаптык ансамбль, 19 профессионал хор коллективи иштейт. Муз. кадрларды даярдоо үчүн 13 консерватория, 114 муз. окуу жайы, 10 иск-во окуу жайы, 2 хор окуу жайы, 6 атайын муз. орто мектеп, 3000-дей балдар муз. мектеби бар. 1960-ж. РСФСР комп. союзу уюшулган. РСФСР шаарларында муз. фестивалдар ж-а конкурстар өткөрүлүп турат.

Театры. Орус театр өнөрүнүн элементтери эмгек процессинде, ырым-жырымдарга байланыштуу пайда болгон. Театр мад-тынын алгачкы өкүлдөрү — *скоморохтор*. Алар тууралуу даректер (Нестор жыл баянында, Киевдеги София соборунун фрескаларында) 11-к-га таандык. 16—17-к-дын 1-жарымы — скоморохтор өнөрүнүн гүлдөгөн мезгили. 18-к-да алгач ышкыбоздор театры пайда болуп, биринчи орус мамл. профессионал театры (1756-ж. Петербург) Ярославлдеги Ф. Г. Волков труппасынын негизинде түзүлгөн. Орус сахна мектебин ж-а реалзмин калыптандырууда И. А. Дмитриевский м-н М. С. Щепкин зор эмгек сиңиришкен. 19-к-да орус театрында рев-лдык романтизмдин ири өкүлү П. С. *Мочалов*, көрүнүктүү актёрлор И. И. Сосницкий, А. Е. Мартынов ж. б. эмгектенишкен. 1824-ж. Москва Кичи театры, 1832-ж. Петербургда Александрия ж. б. театрлар ачылган. 19-к-дын ортосунда орус театры А. Н. Островскийдин чыг-лары м-н байыйт. 19-к-дын аягы — 20-к-дын башында орус театрынын белгилүү өкүлдөру: Г. Н. Федотова, М. Н. Ермолова, актёр ж-а режиссёр А. И. Ленский ж. б. 1898-ж. Москва корком театры түзүлүп, анда А. П. Чехов, М. Горькийдин пьесалары көюлган. 20-к-дын башында МХАТтын негиздөөчүсү ж-а жетекчиси К. С. *Станиславский* м-н В. И. *Немирович-Данченко* орус сахна өнөрүндө реализм ж-а идеялуулук принциптерин өнүктүргөн. Көрүнүктүү орус артисти В. Ф. Комиссаржевская демокр. маанайдагы интеллигенциянын образын түзгөн. Башында К. С. Станиславский ж-а В. И. Немирович-Данченко, А. И. Южин, М. Н. Ермолова ж. б. түрган орус театрынын алдыңкы ишмерлери 1905-ж. рев-я жеңилгенден кийин көтөрүлгөн антиреалистик тенденцияларга каршы турушкан. Окт. рев-ясынан кийин совет драматургиясы өнүгүү жолуна өткөн («Мистерия Буфф», В. В. Маяковский, 1918-ж. көюлган). Гражд. согуш жылдарында массалык агитациялык-саясий театр өрүш алат. 20-жылдары К. А. Тренёвдун «Любовь Яровая», В. С. Иванов-дун «Бронепоезд 14—69», В. Билль-Белоцерковскийдин «Шторм» ж. б. спектакль-дери көюлду. 30-жылдардан орус совет театры м-н РСФСР автон. респ-каларынын театрларында соц. реализм методунун бекемделишине М. Горькийдин («Егор Булычев жана башкалар», «Душмандар» ж. б.) драматургиясы зор роль ойногон. Социализм үчүн совет элинин күрөшү сов. драматургияда кеңири чагылдырылган. Бул жылдары сахнада В. И. Ленинди образын түзүү (Погодин, «Мылтыкчан адам» ж. б.), классикалык чыг-ларды (Шекспир, «Отелло»; А. П. Чехов, «Үч эже-сиңди») көюу чоң ийгиликке алып келди.

Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде театрдын эл м-н терең байланышы айрыкча күч алды. Фаш. басып алуучуларга каршы совет элинин баатырдык күрөшүн баяндаган пьесалар көюлду: А. Е. Корнейчук «Фронт», К. М. Симонов «Орус адамы» ж. б. 40-жылдардын аягы — 50-жылдарда РСФСР театры совет элинин турмушу м-н байланышкан маанилүү темалардын үстүндө иштеп, 50—70-жылдары чыг-лык зор ийгиликтерге жетишти (В. Вишневский, «Оптимисттик трагедия»; Н. Ф. Погодин, «Кремль куранттары»; Шекспир, «Гамлет»; А. П. Штейн, «Океан»; Шток, «Ленинград проспектиси», Г. К. Бокарев, «Болот эритүүчүлөр» ж. б.). 50-жылдардын аягы — 60-жылдары театрды өнүктүрүүгө Г. А. Товстоногов, В. И. Равенских, В. Н. Плучек,



К. Симоновдун «Орус адамы» спектаклинен көрүнүш. Челябинск драма театры. 1977.

О. Н. Ефремов, А. В. Эфрос сыяктуу режиссёрлор, о эле актёрлор: Ю. К. Борисова, И. М. Смоктуновский, М. А. Ульянов, К. Ю. Лавров ж. б. кыйла салым кошту. РСФСРде театр кадрларын (режиссёр, актёр ж. б.) даярдоо иши активдүү жүргүзүлүүдө. Кыргыз ССР эл арт. Кытаев Н., Далбаев С. ж. б., о. эле Ош кыргыз драма театры труппасынын негизин түзгөн коллектив Москвадагы ГИТИСти бүткөн. РСФСРдин көптөгөн театр труппалары Кыргызда болуп, көрүүчүлөргө маданий-кызматын тартуулашты. РСФСРде 292 драма, муз. драма, балдар ж-а өспүрүмдөр театрлары, Бүткүл россиялык театр коому (1883-ж. негиздеген) иштейт (1975).

Кинооу. Биринчи орус хроника фильми 1896-ж. тартылган. 1908-ж. менчик кино ишканалар көркөм кинокартиналарды чыгара баштаган. Орус реалисттик искусствосунун салтын рев. Я. А. Протозанов, В. Р. Гардин, О. И. Преображенская ж. б. өнүктүргөн.

Окт. рев-ясынан кийин сов. кинематография сов. мад-ттын маанилүү тармагынын бири болуп калды. 20-жылдары С. М. Эйзенштейндин «Броненосец „Потёмкин"», В. И. Пудовкиндин «Эне» көркөм фильмдери көюлуп, оператор өнөрүндөгү сов. мектепке Э. К. Тисса, А. Д. Головня ж. б. негиз салды. 1930-жылдардан РСФСР кинематографиясы үндүү фильмдерди чыгара баштаган («Турмуш жолдомосу», реж. Н. В. Экк ж. б.). 1934-ж. Г. Н. ж-а С. Д. Васильевдердин белгилүү «Чапаев» фильми экранга чыкты. 30-жылдары Окт. рев-ясы ж-а гражд. согушка арналган фильмдер («Ленин Октябрда», «Ленин 1918-жылы», реж. М. И. Ромм; «Мылтыкчан киши», С. И. Юткевич; «Из Кронштадттанбыз», Е. Л. Дзиган) тартылат. Кинокомедия («Шайыр балдар», реж. Г. В. Александров; «Трактористтер», реж. И. А. Пырьев ж. б.), тарыхый-а-таржымал фильм жанрлары да («Александр Невский», реж. С. М. Эйзенштейн; «Пётр I», реж. В. М. Петров ж. б.) оруш алган. Классика ад-тынын чыг-лары («Добулбул», В. М. Петров ж. б.) ийгиликтүү экрандаштырылып, документ ж-а илм-популяр фильмдер (реж. Д. Вертов, Л. В. Варламов ж. б.) чоң ийгиликке жетишет. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде фаш. баскынчыларга каршы совет элинин күрөшү ж-дө документ («Немец аскерлеринин Москва аалында талкаланышы», И. А. Копалин ж-а Л. В. Варламов; «Сталинград», Л. В. Варламов), көркөм фильмдер («Райкомдун секретары», реж. И. А. Пырьев ж. б.) чыгарылган. Согуштан кийин аалдыкы совет адамдары, коммунизм үчүн күрөш, орус мад-тынын көрүнүктүү ишмерлери ж-дө («Жаш гвардия», реж. С. Герасимов; «Айылдын мугалими», реж. М. С. Донской; «Мусоргский», реж. Рошаль ж. б.) фильмдер тартууланган. 50-жылдардан РСФСР киностудияларынын өндүрүш базалары кеңейтилип, түстүү, кең экрандуу, кең форматтуу фильмдер чыгарыла баштады. «Чоң үй-було» (1954, реж. И. Е. Хейфиц), «Коммунист» (1959, реж. Ю. Я. Райзман), «Адам тагдыры» (1959, реж. С. Бондарчук), «Бошотуу» (1970—71, реж. Ю. Озеров) ж. б. түрдүү жанрдагы фильмдер тартылды. РСФСРде Бүткүл союздук кинематографиң ин-ту (1919), Ленинград киноинженерлер ин-ту (1930), Москва кинотеория ж-а тарых ин-ту (1954) ж. б. бар. РСФСРде (1974) 17 киностудия, 90 миңден ашуун киноустановка иштейт. РСФСР киностудиялары 71



«Ленин 1918-жылы». Реж. М. И. Ромм. 1939.

1. Гриф оозундагы бугунун башы (Пазырык добосундогу жасалгалардан). Жыгач ж-а булгаары. Тагар мад-ты. 2. «Жылан жолы (фрагмент). Таштагы оюулар. 16-к. 4. Гаврила Овдокимов. Москва Кремлинин Архангельск соборундагы Дмитрий падышанын күмүшкө оюлган ракасы (болуңуз). 1630. 5. Квас идиши. Карапа. 18-к-дын 2-жарымы. 6. А. А. Кораблева. Панно «Космос». Түйме тор. 1968.



толук метраждуу корком, 180 документ, 92 пл.-популярдык фильм чыгарган. Орус кино чеберлери сов. ж-а дүйн. кино онордун онугушуно оболго түзүүдө. Кыргыз кино онорүнүн калыптанышына Москва, Ленинград режиссёрлору м-н операторлору кыйла салым кошту. «Салтанат», «Биринчи мугалим», «Мен—Тянь-Шань», «Эрте келген турналар» фильмдери орус кино ишмерлеринин комогу м-н тартылды.

Ад: Мильков Ф. Н., Гвоздецкий Н. А., Физическая география СССР. Общий обзор. Европейская часть СССР. Кавказ, 3 изд., М., 1969; Гвоздецкий Н. А., Михайлов Н. И., Физическая география СССР. Азиатская часть, 2 изд., М., 1970; Российская Советская Федеративная Социалистическая Республика, М., 1972; История СССР. С древнейших времён до наших дней, т. 1—10, М., 1966—73; Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын тарыхы, Фр., 1971; История КПСС, т. 1—5, М., 1964—70; Яснов М. А., Российская Советская Федеративная Социалистическая Республика, М., 1972; Полвека в союзе равных. РСФСР. Год 1972, М., 1972; Съезды Советов Союза ССР, союзных и автономных Советских Социалистических Республик. Сб. документов, т. 1, 4 (ч. 1), М., 1959—62; Народное хозяйство РСФСР в 1973, М., 1974; Экономическая география СССР, [т. 2] — РСФСР, М., 1974; Трофимов В. В., Здравоохранение и здоровье населения Российской Федерации к 50-летию Великой Октябрьской социалистической революции, М., 1967; Народное образование в РСФСР, под ред. М. П. Кашина и Е. М. Чехарина, М., 1970; Развитие советской науки за 50 лет. Указатель юбилейной литературы, М., 1972; Гудзий Н. К., История древней русской литературы, 7 изд., М., 1966; Благой Д. Д., История русской литературы XVIII в., 4 изд., М., 1960; Поспелов Г. Н., История русской литературы XIX в., 2 изд., М., 1972; Фохт У., Пути русского реализма, М., 1963; Русская литература конца XIX — нач. XX вв. 1901—1907, М., 1971; История советской многонациональной литературы, т. 1—6, М., 1970—75; Русско-киргизские литературные взаимосвязи. Тематический сб., в. 1, Фр., 1978; Джийдеева К., Поэтический перевод и взаимообогощение литератур, Фр., 1972; Садыков А., Национальное и интернациональное в киргизской советской литературе, Фр., 1970; Джолдошева Ч., Киргизская проза в русских переводах, Фр., 1977; История искусства народов СССР, т. 1—2, 7, М., 1971—73; Воронин Н. Н., Древнерусские города, М.—Л., 1945; Тверской Л. М., Русское градостроительство до конца XVII века, Л.—М., 1953; Журавлёв А. М., Хан-Магомедов С. О., Советская архитектура, М., 1968; Всеобщая история архитектуры, т. 1—3, 6, 10, М., 1966—73; Тугендхольд Я. А., Искусство октябрьской эпохи, Л., 1930; Бродский В., Советская батальная живопись, М.—Л., 1950; Фёдоров-Давыдов А., Русский пейзаж XVIII — начала XIX века, М., 1953; Куратова И. А., Советская скульптура. Краткий очерк, [М., 1964]; Лебедева В., Советское монументальное искусство шестидесятых годов, М., М., 1973; Василенко В. М., Народное искусство, М., 1974; Келдыш Ю., История русской музыки, [под ред. Н. В. Туманиной], т. 1—3, М., 1957—60; История советской музыки, т. 1—4, М., 1956—63; Данилов С. С., Очерки по истории русского драматического театра, М.—Л., 1948; Очерки истории русского советского драматического театра, т. 1—6, М., 1966—71 (разделы о театрах РСФСР). Самое важное из всех искусств. Ленин о кино. Сб. документов и материалов, М., 1963; История советского кино, М., 1967.

РОССИЯ ТЕЛЕГРАФ АГЕНТСТВОСУ (РОСТА) — совет мамлекетинин борб. информ. органы (1918, сент.— 1925, июль). ББАКтын чечими б-ча ББАКтын Басма сөз бюросу м-н Петроград телеграф агентствосунун биргиниин түзүлгөн. 1919-ж. РОСТА кызматкерлеринин съездинде бул агентство басма сөз аркылуу партиянын саясатын жайылтуу милдетин аткарат деп жарыяланган. Гражд. согуш мезгилинде РОСТА ББАКтын агитпоезддеринин ишине активдүү катышып, инструкциялык баракчалар, дубал газета, плакат, жумалык басылмалар чыгарган. 1920-ж. ноябрдан РОСТА РСФСР Эл агартуу комиссариатынын Башкы саясий-агартуу комитетине кирген. 1922-ж. сентябрда борб. информ. орган — ББАКтын алдындагы Россия телеграф агентствосу түзүлүп, ага сов. бардык информ. агентстволор, Тышкы иштер эл комиссариатынын бир нече бюросу, о. эле коммерциялык телеграф агентство өткөн. *Советтер Союзунун телеграф агентствосу* уюшулгандан 1935-ж. мартка чейин РОСТА РСФСР агентствосунун гана милдетин аткарган. 1935-жылдан анын милдети бүт бойдон ТАССка өткөн.

РОССИЯ ЭЛДЕРИНИН УКУКТАРЫНЫН ДЕКЛАРАЦИЯСЫ — Совет мамлекетинин алгачкы актыларынын бири. 1917-ж. 2(15)-ноябрда РСФСР ЭКС бекиткен. Декларацияда падыша окмөтү м-н бурж. убактылуу өкмөттүн улуттарды бири бирине каста ттыруу саясаты ашкереленип, ага Россия элдеринин эркин союздашуу саясаты карама-каршы коюлган. Анда лениндик улут саясатынын негизги принциптери (Россия элдеринин теңдиги ж-а суверендүүлүгү, оз тагдырын оз чечүү укугу, улуттук ж-а улуттукдиний артыкчылыкты чектоону жоюу, Россияда жашаган аз улуттар м-н этногр. топтордун эркин өнүгүшү) жарыяланган.

Ад.: История Советской Конституции. Сб. документов, 1917—1957, М., 1957.

РОСТОВ Ростов-Ярославский (12—17-к-да — Ростов Великий) — РСФСРдин Ярослав обл-дагы шаар. Ярославлдан 58 *км* түш.-батышта, Неро көлүнүн жээгинде. Т. ж. станциясы, автомобиль жолдор тоому. Р. жыл баягдарында 862-жылдан эскерилет. 10-к-да Ростов-Суздаль княздыгынын борбору. 11—13-к-дын башталышында Владимир-Суздаль княздыгынын карамагында. 1207-жылдан Ростов княздыгынын борбору. 1238-ж. монгол-татарлар караткан. 1474-ж. Москва мамлекетинин составына кирген. Совет бийлиги 1917-ж. 18(31)-декабрда орногон. Р.— арх-ра эстеликтери сакталган (16—17-к-дагы) орустун байыркы шаарларынын бири. 1779-жылдан жарым айлана системасында планду түрүлгөн. Негизги көчөлөрү шаардын борборуна жайгашкан «Кремль» ансамблине, Успенье соборуна келип кошулат. Неро көлүнүн түн.-батыш жээгинде Авраам (16—19-к.), түш.-батышында Яков (17—19-к.) монастырь комплекстери ж-а арх-ралык асемдүү маданий, турак жай, чарб. ж-а чиркөө курулуштары сакталган. Совет бийлиги орногондон кийин эстеликтерди калыбына келтирүү иштери жүргүзүлүүдө. Шаарда зыгыр буласын ийрүү, кийим тигүү ф-калары, Ярославль мотор з-дунун агрегат цехи иштейт. А. ч. техникуму, пед. окуу жайы бар. Р.— туризмдин борбору. 1970-жылдан корук-шаар.

Ад.: Ковалев И. А., Ростов Ярославский, М., 1971.

РОСТОВ ИШ ТАШТООСУ (1902) — 1902-ж. ноябрда Ростов-на-Дону ш-нын о. ж. ишканаларындагы жумушчулардын чыгуулары. Иш таштоо 2-ноябрда башталып, 4-ноябрда ага жетекчилик кылган РСДРП Дон комитети жумушчулардын мүдөөсүн (8 саттык жумуш күнү, эмгек акыны жогорулатуу, штрафтарды жоюу ж. б.) жарыялаган. Иш таштоо 6—7-ноябрда бүт шаарга тарап, саясий мүнөзгө өткөн. Полиция ж-а казактар 11-ноябрда митинг убагында 6 жумушчуну олтүрүп, 17син жарадар кылган. Ага жооп катары Новороссийск, Минеральные Воды, Владикавказ ж. б. ш-лардагы жумушчулар иш таштаган. Р. п. т. полициянын куугунтук-тоосунан улам 26-ноябрда басылган. Иш таштоону В. И. Ленин жогору баалаган.

Ад.: Ленин В. И., Жаңы окуулар жана эски маселелер, Чыг., кырг. 1-бас., 6-т.; Вещиков А. Т., Ростовская стачка 1902 года, «Вопросы истории», 1952, № 11.

РОСТОВ КОМБАЙН КУРУУ ОНДУРҮШ БИРИКМЕСИ, «Ростсельмаш» — СССРде дан комбайнын чыгаруучу ишкана. Ростов-на-Дону ш-нда. Завод 1926—30-ж. курулуп, 1930-ж. комбайн ж. б. айыл чарба техникасын (чөп чапкыч, үрөн сепкич, соко, тырмак) чыгарган. Улуу Ата Мек. согуш жылдары завод мүлдө талкаланып, 1947-ж. кайра калыбына келтирилген да, 1958-жылга чейин дан ж-а жүгөрү комбайндарын чыгарган. 1958-ж. озү жүрүүчү СК-3, 1962-ж. СК-4 комбайндарын чыгарууга өткөн. 1971-жылдан завод үзгүлтүксүз продукция берүү м-н бирге реконструкцияланууда. Долбоордогу өндүрүштүк кубаттуулугу — жылына 90 миң комбайн. 1973-жылдан жогору өндүрүмдүү эгин жыйноочу СК-5 «Нива» комбайнын чыгарат. «Ростсельмаштын» продукциясы бардык өлкөдө мактоого арзыды. 1937-ж. «Гран при» дипломун (Париж), 1968-ж. эл аралык Лейпциг ярмаркасында 1-дараж. дипломду, 1969-ж. ЧССРдин алтын медалын ж. б. байгелерди жеңип алган. Ленин ордени (1956), Октябрь Революциясы (1971), Эмгек Кызыл Туу (1930) ордендери м-н сыйланган.

РОСТОВ-НА-ДОНУ — РСФСРдеги Ростов обл-нын борбору, шаар. Дон д-нын оң жээгинде. Автомобиль, аба ж-а т. жолдор тоому. Дарыя порту. Калкы 934,6 миң (1979). Өлкөдөгү маанилүү о. ж. борборлордун бири. Түн. Кавказдагы машина куруунун эң ири борбору (50дөн ашык завод). Машина куруу шаардын о. ж. продукциясынын 40%ин, союзда чыгарылчу эгин комбайнынын 70%ин чыгарат. «Ростсельмаш», «Красный Аксай», подшипник, электровоз оңдоо, химия ж. б. з-ддору иштейт. Тамак-аш, жеңил (бут кийим, тигүү), курулуш материалдар о. ж. ишканалары бар. Шаарда 9 жог., 23 атайын орто, 38 долбоорлоо, 18 ил. из. ин-ттары, 2 музей, театрлар ж. б. бар. 1761-ж. сенил катары негизделген.

РОСТОВ ОБЛАСТЫ РСФСРде. 1937-ж. 13-сентябрда уюшулган. Аянты 101 миң *км*². Калкы 4081 миң (1979). 40 район, 22 шаар, 34 ш. т. посёлка бар. Борбору — Ростов-на-Дону ш. Область Ленин ордени м-н сыйланган (1958).

Р. о. Чыгыш Европа түздүгүнүн түштүгүндө жайгашкан. Дондун төмөнкү алабында. Түш.-батышынан Азов деңизинин Таганрог булуңу, батышында Дон токол тоосунун тармагы, түш.-чыгышында Ергени дөңсөөсүнүн батыш бөлүгү жатат. Кен байлыктары: антрацит ж-а кокс көмүрү, кварцит, флюс аки ташы ж. б. Климаты мелүүн континенттик. Июлдун орт. темп-расы 22—24°С, январдыкы —5...—9°С. Жылдык жаан-чачыны 400—650 *мм*. Ири дарыялары — Дон ж-а анын куймалары: Северский Донец, Сал, Маныч ж. б. Областта 3 ири суу сактагыч (Цимлян, Веселовский, Пролетарский) бар. Кыртышы кара топуракту келип, талаа ландшафты басымдуу. Айбапаттары: ач күзөн, кош аяк ж. б.; канаттуулары: бодоно, тоодак, кекилик ж. б.

Негизги калкы орус (91,2%), мындан башка украин, армян, белорус ж. б. жашайт. Орт. жышт. 1 *км*² жерге 39,6 киши (1979). Шаар калкы 69%. Маанилүү шаарлары: Ростов-на-Дону, Таганрог, Новочеркасск, Батайск.

Р. о.— Түн. Кавказдагы индустриясы өнүккөн район. Ө. ж-дын дүң продукциясы 1965-жылга салыштырганда 1975-жылы 190%ке өскөн. Ө. ж-нын башкы тармактары: машина куруу, тамак-аш, жеңил, отун ж-а химия о. ж. Энергияны Новочеркасск, Артём, Несветай ГРЭСтеринен, Ростов, Каменский ТЭЦтеринен ж-а Цимлян ГЭСинен алат. Кара металлургия ишканалары (Красный Сулин, Таганрог) болот түтүгүн, санаттуу металл ж. б. чыгарат. Электровоз ж-а дан комбайнын чыгаруу б-ча область СССРде 1-орунда. Электр машина куруу, электр чеңөөчү прибор, тамак-аш о. ж-на жабдуу ж. б. чыгарат. Р. о. 1974-ж. союз б-ча дан комбайнынын 70,5%ин, культиватордун 49,7%ин, буу казандын 46,3%ин, уста-пресстөөчү машинанын 7,5%ин, муздаткычтын 2,5%ин чыгарган. Химия о. ж. боёк, жасалма була ж. б. чыгарат. Жеңил о. ж-нан кийим тигүү ж-а бут кийим ф-калар (союздагы чыгарылган бут кийимдин 4,5%) ж. б. бар. Шахты ш-нда кебезден кездеме токуу ири комбинаты иштейт. Тамак-аш о. ж. өнүккөн. Семикаракөрск консерва комбинаты — СССРдеги ири комбинаттардын бири.

А. ч-га жарактуу жери 8532 миң *га*, анын 6076 миңи айдоо. Айдоо алынтыны 62,7%ине дан эгин (буудай, арпа), 8,8%ине тех. өсүмдүк (күн карама ж. б.), 2,3%ине жашылча-бакча ж-а 26,2%ине тоют өсүмдүктөрү эгилет. 1975-ж. 2292 миң үй (сааны 758 миң), 2262 миң чочко, 4246 миң кой, эчки болгон.

Т. ж-нун уз. 1970 *км*, автомобиль жолунуку 21,5 миң *км*. Дон, Северский Донец, Маныч д-ларында кеме жүрөт. В. И. Ленин атн. Волга-Дон каналынын маанисин өтө чоң.

1974—75-окуу жылында 2308 мектеп, 85 кесипчилик, 65 атайын орто, 16 жог. окуу жайы болгон. Областта 60 ил. из. ин-ту, 1574 китепкана, 8 музей, 7 театр, 1759 клуб ж. б. бар. 1975-ж. 42,6 миң орундуу 369 оорукана 11,9 миң врач иштеген. Маныч ш-нда климат ж-а кымыз м-н дарылоочу курорт бар. Обл. «Молот» (1917-жылдан), «Комсомолец» (1923) газеталары чыгат.

Ад.: Российская Федерация. Европейский Юго-Восток. Поволжье. Северный Кавказ, М., 1968 (серия «Советский Союз»); Географические исследования на Северном Кавказе и Нижнем Дону, Ростов-на-Дону, 1973.

РОТА (нем. Rotte — жыйын, отряд) — мотоаткычтар, жөө, аба-десанттык, инженердик, танкалык ж. б. аскерлердин негизги бөлүкчөсү. Азыркы Р. адатта бир нече взводдон (аткычтар, пулемётчулар) ж-а башкаруучу, жабдуучу бөлүкчөлөрдөн туруп, батальондун составына кирет.

РОТАПРИНТ (лат. rota — доңголок, roto — айланамын ж-а англ. print — басуу) — документацияларды бир нече миң нускага чейин чакан өлчөмдө ылдам көбөйтүүчү офсеттик басуучу машина. Р. кагаз бергич түзүлүштөн, формалуу, офсеттик ж-а басуучу цилиндрлери бар басуучу, боёгуч, нымдагыч аппараттардан, кабылдагычжылдырын бергич түзүлүштөн турат. Формалуу цилиндр бетине оролгон форма м-н кошо айланганда, нымдагыч ж-а боёгуч аппараттын валиктери ал форманын бетинен удаалап айланып өтөт. Боёк формадан офсеттик цилиндрге капталган резинага, андан басуучу цилиндрдеги кагазга жугат. Басылган көчүрмө кабылдагыч столго чыгарылат. Р. үчүн басылма формалар электрографиялык же фотомех. жол м-н даярдалат. Анчалык татаал эмес бир ж-а көп түстүү продукция Р-те саатына 6—9 миң нуска м-н басылат.

РОТАТОР, мимеограф — документтерди аз ж-а чакан нускада тез көбөйтүүчү трафареттик басуу машинасы. Трафареттик форма атайын кагазга (мом кагазга же ротоплёнкага) машинкада басылып, о. эле фотомех., фотоэлектрдик же гальваникалык жол м-н даярдалат. Форма цилиндрге орнотулат да, аның бетине боёгуч аппараттан боёк берилет. Р. иштегенде форманын көзөнөктөрү аркылуу боёк сыгылып чыгат да, кагазга жугат. Барак кагаздар фрикциондук озү жылдырыгыч аркылуу атайын столго берилет да, басуучу цилиндр м-н форманын ортосунан өтүп, бетине түстүү сүрөт түшүрүлүп, андан кабыл алуучу столго жыйналат. Эң чоң формататагы (30×45 *см*) кагазга басканда Р-дун иштөө ылдамдыгы саатына 6000 нускага жетет.

РОТОР (лат. roto — айланам) — машина статорунун ичине жайгаштырылган айлануучу болук. Р. бардык ротордуу машиналарда (электр ж-а кээ бир ичинен күймө киймылдаткычтар, турбина, желдеткич, компрессор, насос) ж-а Р-у жумушчу органы болуп эсептелген машиналарда болот. Мис., а) гидротурбинанын Р-у жумуш аткаргыч дөңгөлөк м-н валдан турат ж-а суунун мех. энергиясын айланып турган валдын энергиясына айландырып, ал энергияны гидрогенератордун Р-уна берет. б) Электр машиналарында Р. электр энергиясын мех. энергияга айландырып, аны жумуш аткаргыч механизмге берет.

РОТОРДУК БУРГУЛОО — айландырып *бургулоонун* бир түрү; мында жер бетинде жайгаштырылган ротордун бургулагыч колоннасынын скважинадагы көзөөчтү айландыруусу аркылуу бургуланат. Р. б. жардыруу, чалгындоо ж-а эксплуатациялык скважиналы бургулоо үчүн колдонулат. Кыймылга келтиргич горизонталь вал аркылуу кыймылдаткыч (электр, газ турбиналуу, ичинен күймө ж. б.) ротордуу айландырат. Бургу түтүгү м-н көзөөчтүн ортосуна салмактуу бургулоочу түтүк орнотулат. Жумуш аткаргыч жог. түтүк ротор аркылуу өтүп, ал уячага (вертлюг) туташтырылат. Р. б. терендеген сайын кошумча түтүк кошулуп турат. Россияда алгачкы Р. б. Грозныйда 1902-ж. колдонулган.

РОТОРДУК КЫЙМЫЛДАТКЫЧ—корпуска карата айланма же айланмаартка жылма ротордун жардамы м-н күйүүчү газдын энергиясын мех. энергияга айландыруучу ичинен күймө кыймылдаткыч. Р. к-тын иштей турган үлгүсүн куруу 1799-ж. башталып, практикада жаратуу кыймылдаткыч 1957-ж. гана пайда болду. Иштөө процессинде ротор м-н корпустун беттеринин арасындагы көңдөйчөнүн көлөмү мезгил-мезгилин м-н өзгөрүп турат, б. а. жумуш аткаргыч нерсенин кысылуу, кеңейүү циклдери үзгүлтүксүз кайталанат. Поршендүү ичинен күймө кыймылдаткычтарда жумуш аткарылуучу процесстер (эки ж-а төрт тактылуу) Р. к-та да болуп өтөт. Азыркы Р. к-тар жумуш аткаргыч бир, эки ж-а үч секциядан турат.

РОТТЕРДАМ— (голландча Rotterdam, сөзмө-сөз Ротте д-ндагы дамба) — Нидерланддагы шаар. Рейндин дельтасында. Терең канал аркылуу Түн. деңиз м-н байланышат. Дүйнөдөгү эң

при порт. Аба, т. ж. тоому. Калкы 590 миң (1978). Өлкөнүн маанилүү соода ж-а о. ж. борбору. Р. аркылуу өлкөнүн сыртқы ж-а ички соодасынын $^2/_3$дэйи, көптөгөн транзиттик жүктөр өтөт. Р.— Батыш Европадагы нефть ажыратуу ж-а нефть-хим. о. ж-нын (пластмасса, жер семирткич ж. б.) башкы борборлорунун бири. Машина куруу (кеме, порт үчүн жабдуу), электр тех. ж-а металл иштетүүчү э-ддор иштейт. Тамак-аш ж-а жеңил о. ж. ишканалары көп. Ун-т, Иск-во академиясы, консерватория ж. б. ил. мекемелер, 4 музей, 2 при китепкана ж. б. бар. Р. 1282-жылдан белгилүү.

РОТ-ФРОНТ — Ысык-Ата р-нундагы Сынташ айыл советине караштуу кыштак. «Сынташ» к-зунун аймагында. Райондун борбору Ивановкадан 21 *км* түш.-чыгыш таранта. Ивановка т. ж. станциясынан 25 *км*. Калкы 1107 (1978). Орто мектеп, клуб, китепкана, оорукана бар.

РОУТ — Ош обл-ның Баткен р-нундагы Дара айыл советине караштуу кыштак. Фрунзе атн. с-здун аймагында. Райондун борбору Баткенден 100 *км* түш. таранта. Исфара т. ж. станциясынан (Тажик ССРи) 130 *км*. Калкы 704 (1978). Орто мектеп, китепкана бар.

РОШЕ Вальдек (5. 4. 1905-ж. т., Сона ж-а Луара департаменти, Сент-Круа) — франц. ж-а эл аралык жумушчу кыймылынын ишмери. Дыйкан үй-бүлөсүнөн. 1924-жылдан Франция компартиясына мүчө. 1932—34-ж. ФКПнин Лион федерациясынын, 1934-ж. ФКП БКнын агрардык секциясынын секретары. 1935-ж. Коминтерндин 7-конгрессинин делегаты. 1936-ж. ФКП БКнын мүчөлүгүнө кандидат, франц. парламентке депутат. 1937-жылдан ФКП БКга мүчө. Экинчи дүйн. согуш мезгилинде 44 депутат коммунисттик «ишке» б-ча 1940-ж. 5 жылга камалып, 1943-ж. боштондукка чыккан. 1945-ж. Франциянын Уюмдаштыруу, кийин Улуттук чогулушуна депутат. 1954—58-ж. Улуттук чогулуштагы ФКПнин парламенттик тобунун пред-лине орун басар, 1958—59 ж-а 1962—64-ж. аның пред-ли. 1945-ж. ФКПнин Саясий бюросунун мүчөлүгүнө кандидат, 1950-жылдан ага мүчө. 1959—61-ж. ФКП БК Секретариатына мүчө. 1961—64-ж. ФКПнин ген. секретарына орун басар, 1964—72-ж. ген. секретары. ФКП БКнын 20-съездинде (1972) партиянын ардактуу пред-лдигине шайланган.

РОЯЛИСТТЕР (фр. royal — королдук дегенден) — король бийлигин жактагандар, монархчылар. «Р.» термини биринчи жолу Улуу француз рев-ясы убагында рев-яның душмандарына, *Бурбондор* монархиясын жактоочуларга карата колдонулган.

РОЯЛЬ (фр. royal — королдук) — кылдуу урма-клавиштүү муз. аспап; *фортепьянонун* бир түрү. Р-да кыл, дека ж-а механика горизонталь абалда жайгашкан. Капат формасындагы тулкусу кылдын олчомүнө (кыскарааты бийик, узуну нас добуш үчүн) ылайыкталган.

РСДРП (Российская социал-демократическая рабочая партия), Россиялык социал-демократиялык жумушчу партиясы, к. *Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы.*

РСДРП(б) [Российская социал-демократическая рабочая партия (большевиков)], Россиялык социал-демократиялык жумушчу (большевиктер) партиясы, к. *Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы.*

РСДРП(б) БОРБОРДУК КОМИТЕТИНИН 10(23)-ОКТЯБРДАГЫ ЗАСЕДАНИЕСИ (1917)—большевиктер партиясынын БКсынын «Жакынкы күндөрдө куралдуу көтөрүлүш баштоо» ж-дө чечим кабыл алган тарыхый чогулушу. Заседаниеде Я. М. Свердловдун борборго жакын Түш. ж-а Батыш фронттордогу абал ж-дөгү кабары м-н башталган. Анда Я. М. Свердлов солдаттар арасында большевиктердин таасиринин күчөгөнүн белгилеген. В. И. Ленин учурдагы абал ж-дө доклад жасап, куралдуу көтөрүлүшкө ар тараптан даярдануу талабын койгон. 1917-ж. октябрда «Бардык бийлик Советтерге!» деген ураан агитациядан кайрадан аракет ураанына айланган. Рез-га БКнын эки мүчөсү (Каменев, Зиновьев) каршы чыккан. Россияда социализмдин жеңиши мүмкүн экендигин танып, алар куралдуу көтөрүлүштү даярдоого ж-а жүргүзүүгө каршы болгон. Троцкий рез-га каршы чыкпаганы м-н көтөрүлүштү Советтердин 2-съезди ачылганча баштабоону сунуш кылган. Бирок бул көтөрүлүштүн ишин соодуктуруу, бүрк. Убактылуу өкмөткө эскертүү болмок. **РСДРП(б) БК** капитулянттарга чечкиндүү сокку урган. Лениндик рез-я кабыл алынып, ал большевиктер партиясынын директивасы болуп калган. Ф. Э. Дзержинскийдин сунушу б-ча куралдуу көтөрүлүштү саясий жетектөө үчүн БКнын мүчөлөрүнөн В. И. Ленин башында болгон Саясий бюро түзүү ж-дө чечим кабыл алынган.

Ад.: Ленин В. И., РСДРП Борбордук Комитетинин 10(23)-октябрдагы заседаниеси, Чыг., кырг. 1-бас., 26-т.; Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын тарыхы, Фр., 1971.

РСДРП(б) БОРБОРДУК КОМИТЕТИНИН 16(29)-ОКТЯБРДАГЫ КЕҢИРИ ЗАСЕДАНИЕСИ (1917) түздөн түз Октябрь куралдуу көтөрүлүшүн даярдоого арналган. Заседаниеге БКнын мүчөлөрүнөн башка дагы БКнын Аткаруу комиссиясынан, РСДРП(б) БКга караштуу Аскер уюмунан, Петроград жумушчу ж-а солдат депутаттар советинен, профсоюз, фабрика-заводдук комитеттерден ж. б-дан өкүлдөр (бардыгы 25 адам) катышкан. В. И. Ленин БКнын 10(23)-октябрдагы заседаниеси ж-дө доклад жасап, куралдуу көтөрүлүш ж-дө рез-яны жарыялаган. Куралдуу көтөрүлүш ж-дөгү лениндик рез-яны И. В. Сталин, Я. М. Свердлов, М. И. Калинин, Н. А. Скрыпник, Ф. Э. Дзержинский, М. И. Лацис ж. б. колдогон. Каменев м-н Зиновьевдин оппортун. сунушу четке кагылган. Көтөрүлүштүн башталышын, жүргүзүү тартибин иштеп чыгуу БКга тапшырылган. Көтөрүлүштү жетектөө үчүн И. В. Сталин башында турган Парт. борбор, Петроград советине караштуу Аскер-рев-ячыл комитеттин составына кирген ж-а жетекчи ядросун түзгөн Аскер-рев-ячыл борбор шайланган.

РСДРП БКнын ОРУС БЮРОСУ — РСДРП БКнын РСДРПнин 2-съездинен (1903) кийин Россияда парт. ишти жетектеген ж-а РСДРПнин бүткүл россиялык 7-(Апрель) конференциясына (1917) чейин уюштуруучулук м-н иштеген бөлүмү. Анда уюштуруу, тех., финансы-интенданттык, аскер тобу ж-а алардын ишин координациялаган аткаруу комиссиясы түзүлгөн. Бюро чет мамлекеттеги БК м-н байланышта болгон, жаңы парт. уюмдарды түзгөн ж-а чыңдаган, съезддин ж-а конф-яның чечимдерин ишке ашырган, рев-ячыл кыймылды жетектеген, легалсыз ад-ттарды басып чыгарган. 1905-ж. ноябрда бюронун функциясы БКга өткөн. Реакция жылдары ишин кайра баштаган. Падышачылыктын репрессиясы, меньшевиктердин ж-а келишүүчүлөрдүн бөлүп-жаруучулук иштери бюронун ишин татаалдаткан же убактылуу токтоткон. Ар кайсы убакта бюрого Г. К. Орджоникидзе, Ф. В. Гусарова, И. Ф. Дубровинский, М. И. Калинин, Г. М. Кржижановский, И. В. Сталин, Я. М. Свердлов ж. б. кирген. Бюро 1917-ж. Февр. рев-ясынын жеңиши үчүн эмгекчилерди мобилизациялоодо чоң роль ойнон, РСДРП БКнын *«Россиянын бардык граждандарына карата»* манифестин басып чыгарып, «Правданы» басуу ишин кайра баштаган.

Ад.: КПСС съезддердин, конференциялардын жана БКнын пленумдарынын резолюцияларында жана чечимдеринде, 1-болук, Фр., 1956; Москалев М. А., Бюро Центрального Комитета РСДРП в России, М., 1964.

РСДРП БКнын ПАРТИЯЛЫК КЫЗМАТКЕРЛЕР МЕНЕН ОТКОРГОН КРАКОВ КЕҢЕШМЕСИ 1912-ж. 26-декабрдан 1913-ж. 1(8—14)-январга чейин Краковдо өткөн. Ишин жашыруу үчүн «Февраль» кеңешмеси аталган. Ага РСДРП БКнын мүчөлөрү, 4-Мамл. думадагы большевик депутаттар, РСДРПнин Петербург, Москва, Урал, Кавказ уюмдарынан өкүлдөр катышкан. В. И. Лениндин демилгеси м-н чакырылган бул кеңешмеде өлкөдөгү рев-ячыл жаңы жогорулаш шартындагы партиянын милдеттери, легалсыз уюмдарды түзүү, думадагы с.-д. фракция ж-дө, парт. басма сөз ж. б. маселелер каралган. Кеңешме рев-ячыл жаңы жогорулаш шартында партиянын милдеттерин (жер-жерлерде легалсыз парт. комитеттерди түзүү, партиянын легалдык иштерин чыңдоо ж-а жайылтуу) белгилеген. Ликвидаторчулукту ж-а Бунддун улуттчулдугун айыптап, бардык улуттардын жумушчуларын интернационалдык биримдикке чакырган. Кеңешме большевиктердин парт. уюмдарды чыңдоо ж-а рев-ячыл жаңы жогорулаш шартында алардын масса м-н байланышын бекемдөө көрөшүндө чоң роль ойногон.

Ад.: Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 18-т.; Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын тарыхы, Фр., 1971.

РСДРП БКнын ПАРТИЯЛЫК КЫЗМАТКЕРЛЕР МЕНЕН ОТКОРГОН ПОРОНИН КЕҢЕШМЕСИ 1913-ж. 23-сентябрдан 1(6—14)-октябрга чейин Краковго жакын жердеги Поронинде өткөн. Оз ишин жашыруу максатында «Август», «Жайкы» кеңешме аталган. Ага 27 делегат чечүүчү, 5 делегат кеңешчи добуш м-н катышкан. Кеңешмеде учурдагы агитациянын милдеттери, уюштуруу маселелери ж-а парт. съезд ж-дө, парт. басма сөз, думанын ишин ж-а думадагы с.-д. фракциянын абалы ж-дө ж. б. маселелер талкууланган. Кеңешменин ишине В. И. Ленин жетекчилик кылып, БКнын ишин ж-дө, улут маселеси ж. б. маселелер б-ча доклад жасаган. Кеңешмеде өлкөдө жумушчу кыймылынын күчөшү ж-а рев-яның өсүшү, ликвидаторлордун таасиринин төмөндөшү белгиленип, партиянын негизги рев-ячыл ураану дагы эле жеке бийликти кулатуу, демокр. республиканы, 8 сааттык жумуш күнүн орнотуу ж-а помещик жерлерин конфискациялоо экени айтылган. Бүткүл россиялык саясий иш таштоого чыгуу үчүн агитацияны баштоо ж-дө чечим кабыл алган. Кеңешме ачык басма сөздүн уюштуруу ж-а агитациялык таасирин белгилеп, анын чыгышына жардам берүүгө большевиктик уюмдарды милдеттендирген, жашырын ад-ттардын кеңири чыгарылышын зарыл деп тапкан. Улут маселеси б-ча рез-яда бундчулар м-н меньшевиктердин «маданий-улуттук автономия жөнүндө» оппортун. супуштарын четке кагып, улут маселеси ж-дөгү лениндик программаны кабыл алган. Партиянын тарыхында бул кеңешме маанисин жагынан парт. конф-яга барабар.

РСДРП БКнын «СОГУШ ЖАНА РОССИЯЛЫК СОЦИАЛ-ДЕМОКРАТИЯ» МАНИФЕСТИ — большевиктер партиясынын 1-дүйн. согушка (1914—18) карата мамилесин билдирген биринчи официалдуу документи. В. И. Ленин 1914-ж. сентябрда жазган. 19-октябрда «Социал-демократ» газетасына жарыяланган. Манифест Эл аралык соц. бюрого ж-а Батыш Европа өлкөлөрүнүн соц. газеталарынын редакцияларына жиберилген. Ал 1914-ж. башталган 1-дүйн. согуштун импер. мүнөзүн ж-а максатын ашкерелеп, 2-Интернационалдын социал-шовинист жол башчыларынын, о. эле аларга жан тарткан центристтердин, «солчул» оппортунисттердин, анархо-синдикалисттердин бетин ачкан. Манифесте ар бир өлкөнүн социал-демократтарынын негизги милдети өзүнө өлкөдөгү шовинизмге каршы күрөш экени, импер. согушту граждан. согушка айландыруу, согушта өз бурж. өкмөтүнүн жеңилишин, рев-ячыл элементтердин социал-шовинизмден бөрөтөлө болуңүшү, жаңы 3-Интернационалды түзүү ж. б. айтылган. В. И. Лениндин бул манифести согуш шартында бардык рев-ялык күчтөр үчүн конкреттүү программа болуп калган.

РСДРПнин 1-(ТАММЕРФОРС) КОНФЕРЕНЦИЯСЫ — 1905-ж. 12—17(25—30)-декабрда большевиктердин Таммерфорсто (Финляндия) өткөн конф-ясы. РСДРПнин 26 уюмунан 41 делегат катышкан. Күн тартиби: учурдагы абал, БКнын уюмдаштыруу отчёту, партияны кайра куруу ж-дө, агрардык маселе, мамл. дума ж. б. Конф-я В. И. Лениндин жетекчилигин м-н өткөн. Андагы негизги маселе большевиктер м-н меньшевиктердин бир партияга бириктирүү болгон. Конф-я рев-ячыл кыймылдын жогорулоо мезгилинде большевиктердин ж-а меньшевиктердин практикалык ж-а адабий борб. органдарын тең укуктуу негизде бириктирүү керектигин белгилеп, бириккен БКга РСДРПнин 4-съездин чакыруучу таптырган. Легалдуу иш-аракеттин бардык мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу, партиянын ишин кеңири шайлоо негизинде ж-а демокр. централизм принцибинде кайра куруу жагын сунуш кылган. Конф-я агрардык маселе жагынан В. И. Лениндин сунушу б-ча бардык помещик жерлеринин конфискациялануышын талап кылган рез-яны кабыл алган. Мамл. думага активдүү бойкот жасоодо, массаны куралдуу көтөрүлүшкө агитациялоодо шайлоо чогулуштарын пайдалануунуу сунуш кылган. Москвада Декабрь куралдуу көтөрүлүшү башталганына байланыштуу Лениндин сунушу б-ча конф-я ишин тез аяктап, делегаттар көтөрүлүшкө катышуу үчүн өз жерлерине тарашкан.

Ад.: КПСС съезддердин, конференциялардын жана БКнын пленумдарынын резолюцияларында жана чечимдеринде, 1-болук, Фр., 1956.

РСДРПнин 2-КОНФЕРЕНЦИЯСЫ («Биринчи жалпы россиялык») 1906-ж. 3—7(16—20)-ноябрда Таммерфорсто (Финляндия) өткөн. Ага чечүүчү добуш м-н 32 делегат, БК м-н Борб. органдын редакциясынын мүчөлөрү кеңешчи добуш м-н катышкан. Күн тартиби: шайлоо кампаниясы, парт. съезд, жумушчу съезди, чёрная сотня ж-а погромдор м-н күрөшүү, партизандык кыймылдар. Конф-ядагы негизги маселе 2-Мамл. думага шайлоо кампаниясындагы тактика ж-дө болгон. Большевиктер дума трибунасын рев-ячыл агитация, падышалык м-н контррев-ячыл буржуазияны ашкерелөө ж-а дыйкандарды пролетариат тарабына тартуу үчүн колдонуу максатында 2-Мамл. думага катышабыз деп чечкен. Меньшевиктер м-н бундчулар батыш европ. социал-демократтарды тууран, кадеттер м-н шайлоо союзун түзүүнү жактаган. Шайлоо кампаниясы ж-дөгү талаш-тартыш эки күнгө созулуп, көпчүлүк добуш м-н меньшевиктик чечим кабыл алынган. Бул чечимге каршы большевиктердин платформасы Лениндин «Бетончо пикиринде» баяндалган. Конф-я большевиктер талап кылган кээ бир түзөтүүлөрдү кабыл алган. В. И. Ленин конф-яда партиянын шашылыш съездин чакыруусу жактап сүйлөп, «жумушчу съездин» чакыруу үчүн агитация жүргүзүүнү парт. тартипти бузгандык деп караган. Конф-я партиянын съездин 1907-жылдын 15-мартынан кечиктирбей чакыруу керек деп чечкен.

Конф-я БКга конф-я ж-дөгү рез-ялардын бардык долбоорлорун ж-а «Бетончо пикирди» кошо жарыялоону тапшырган. Бирок меньшевиктик БК конф-яның рез-яларын гана жарыялап, большевиктердин «Бетончо пикирин» чыгарып таштаган. Анда рев-ячыл социал-демократтардын шайлоо кампаниясындагы милдети аныкталып, куралдуу көтөрүлүш м-н рев-ячыл бийликти орнотуу зарылдыгы белгиленген. Конф-яның материалдары лениндик партия гана Россиядагы тап күрөшүн туура түшүнүп, оппортунисттер м-н күрөштө эмгекчилердин мүдөөсүн коздоп, рев-ялык саясат жүргүзөөрүн ачык көрсөткөн.

Ад.: Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 11-т.; КПСС съезддердин, конференциялардын жана БКнын пленумдарынын резолюцияларында жана чечимдеринде, 1-болук, Фр., 1956.

РСДРПнин 3-КОНФЕРЕНЦИЯСЫ («Экинчи жалпы россиялык») 1907-ж. 21—23-июлда (3—5-авг.) Котказда (Финляндия) өткөн. Конф-яга 26 делегат (9 большевик, 5 поляк, 2 латыш социал-демократ, 5 меньшевик, 5 бундчу) чечүүчү добуш м-н катышкан. Күн тартиби: 3-Мамл. думага шайлоого катышуу, башка партиялар м-н шайлоо ж-дө келишүү, шайлоо платформасы тууралуу, Бүткүл россиялык профессиялык союздардын съезди ж-дө. Конф-я РСДРП БК тарабынан 1907-ж. үчүнчү июнь төңкөрүшүнө ж-а 3-Мамл. думага шайлоого байланыштуу чакырылган. Конф-ядагы негизги маселе партиянын думалык тактикасы болгон. В. И. Ленин думага бойкот жасоо ж-дө А. А. Богданов ж. б. сунуш кылган тактиканын зыяндуулугун, партиянын шайлоо кампаниясына катышуу зарылдыгын, думанын трибунасын рев-ячыл пропаганда үчүн ж-а реакцияга каршы күрөшкө пайдалануу керектигин корсоткон. Шайлоодо башка партиялар м-н келишүү ж-дө чечим кабыл алган. Конф-я БКга Мамл. думага шайлоого карата конф-яның рез-ясынын негизинде шайлоо

платформасын иштеп чыгуу ж-до сунуш кылган. Массанын арасында ачык иштөөнүн маанилүү формасы катары профсоюздарды пайдалануу мүмкүнчүлүгүн караган. Рез-ялын долбоорунун негизинде парт. уюмдарга атайын көрсөтмө иштеп чыгуу БКга тапшырылган.

Ад.: Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын тарыхы, Фр., 1971; КПСС съезддердин, конференциялардын жана БКнын пленумдарынын резолюцияларында жана чечимдеринде, 1-бөлүк, Фр., 1956; История Коммунистической партии Советского Союза, т. 2. М., 1967.

РСДРПнин 4-КОНФЕРЕНЦИЯСЫ («Үчүнчү жалпы россиялык») 1907-ж. 5—12(18—25)-ноябрда Гельсингфорсто (Финляндия) өткөн. Конф-яга 27 (10 большевик, 4 меньшевик, 5 полышалык с.-д., 5 бундчу, 3 латыш с.-д.) делегат катышкан. Күн тартиби: С.-д. фракциянын Мамл. думадагы тактикасы; фракциялык борборлор ж-до ж-а БКнын жергс. уюмдар м-н байланышын чыңдоо; бурж. басма сөзгө катышуу ж-до ж. б. Мамл. думада с.-д. депутаттардын тактикасы тууралуу В. И. Ленин сөз сүйлөп, столыпиндик реакциянын башталышында эле пролетариатка, анын партиясына демократиянын ж-а рев-ялын ишине бекем туруу милдетин койгон; В. И. Ленин социал-демократтар думатрибунасын пролетариатты тарбиялоо ж-а уюмдаштыруу, демокр. респка өрнотуу ж-а помещик жерлерин конфискациялоо, 8 сааттык жумуш күнүн киргизүү сыяктуу парт. идеяларды жайылтуу үчүн пайдалануу керектигин белгилеп, ал үчүн кадетгер м-н бирикпей, жеке саясат жүргүзүү зарылдыгын көрсөткөн. Меньшевик өкүлдөр В. И. Лениндин үчүнчү июндук режимге баа берүүнө ж-а социал-демократтардын белгилеген милдеттерине каршы чыгышкан. 3-Мамл. думада кадеттер м-н биргелешип иштөөнү жакташкан. Конф-я көпчүлүк добуш м-н меньшевиктердин бул багытына сокку уруп, В. И. Лениндин сунушун кабыл алган. РСДРП БКнын жергс. парт. уюмдар м-н байланышын күчөтүүгө багытталган чараларды белгилеген. Конф-я Мамл. думадагы с.-д. өкүлдүктү 3-Мамл. думадагы РСДРПнин «социал-демократиялык фракциясы» деп атаган.

Ад.: Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 13-т.; КПСС съезддердин, конференциялардын жана БКнын пленумдарынын резолюцияларында жана чечимдеринде, 1-бөлүк, Фр., 1956.

РСДРПнин 5-КОНФЕРЕНЦИЯСЫ (жалпы россиялык) 1908-ж. 21—27-декабрда (3—9. 1. 1909) Парижде өткөн. Петербург, Урал, Москва ж-а Борб. о. ж. областынан, Кавказдагы уюмдарынан, Польша социал-демократиясынан ж-а Бунддан 16 делегат чечүүчү (5 большевик, 3 меньшевик, 5 поляк социал-демократ, 3 бундчу), 2 делегат кеңешчи добуш м-н; РСДРП БКдан В. И. Ленин катышкан, конф-ялын аягында Түн.-Батыш крайдан делегат келген. Күн тартиби: РСДРП БКнын, Польша социал-демократиясынын БКсынын, Бунддун БКсынын, Петербург, Москва ж-а Борб. о. ж. областтык уюмдарынын отчёту, учурдагы саясий абал ж-а партиянын милдеттери, думадагы с.-д. фракция ж-до ж. б.

Конф-я реакция күчөп, рев-ячыл кыймылдын төмөндөө мезгилинде өткөн. Көп добушка ээ болгон большевиктер ликвидаторлорго, отзовисттерге, ультиматумчуларга каршы күрөш ачып, РСДРПны ж-а анын БКсын жоюуга аракеттенгендерге каршы чечкиндүү күрөштү жайылткан. Учурдагы абал ж-а партиянын милдеттери ж-дөгү маселе конф-яда башкы орунду ээлеген. Конф-я жаңы рев-ячыл кризистин кадиксиздигин белгилеп, партияга пролетариатты, дыйкандарды уюштуруу ж-а тарбиялоо, жаңы рев-яга даярдоо иштерин жүргүзүү милдетин таккан. Уюмдаштыруу маселеси б-ча рез-яда масса м-н байланышты ж-а партияны чыңдоо зарылчылыгы айтылган. Жер-жерлерде улуттук уюмдарды бириктирүү, БКнын ши, партиянын борб. органдары ж-до чечимдер кабыл алган. Конф-я реакция жылдарында жумушчу кыймылын оңуктүрүүдө бурулуш болгон. Чечимдеринин маанисн б-ча бул конф-я съездге тете бааланат.

Ад.: Ленин В. И., РСДРПнин бешинчи (Жалпы россиялык) конференциясы, Чыг., кырг. 1-бас., 15-т.

РСДРПнин БҮТКҮЛ РОССИЯЛЫК 6-(ПРАГА) КОНФЕРЕНЦИЯСЫ 1912-ж. 5—17 (18—30)-январда Прагада өткөн. Күн тартиби: конф-яны чакыруу б-ча Россия уюмдаштыруу комиссиясынын, БКнын ж. б-дын докладдары, учурдагы абал ж-а партиянын милдеттери, 4-Мамл. думага шайлоо, думалык фракция, жумушчуларды мамл. камсыздандыруу, иш таштоо кыймылы ж-а профессиялык союздар, ликвидаторчулук ж-до, парт. ад-т, уюштуруу масселери ж. б. Конф-яның ишине В. И. Ленин жетекчилик кылган. Ал учурдагы абал ж-а партиянын милдеттери, Эл аралык соц. бюро ж. б. маселелер б-ча доклад жасап, күн тартибиндеги негизги маселелер б-ча рез-ялын долбоорлорун жазган. Конф-я Россия уюмдаштыруу комиссиясынын ишин жогору баалаган. Анын негизги максаты партияны оппортунисттерден тазалоо болгон. «Ликвидаторчулук жөнүндө жана ликвидаторлор тобу жөнүндө», «Чет өлкелердеги партиялык турмуш жөнүндө» кабыл алынган чечимдердин маанисн зор. Конф-яда ликвидатор — меньшевиктер РСДРПнин катарынан чыгарылган. 4-Мамл. думага РСДРПнин катышуусу ж-а анда с.-д. фракцияны түзүү керектиги айтылган. Троцкийчилер м-н меньшевиктер башташкан «петиция кампаниясын» чечкиндүү айыптаган. Конф-я Петербургда күндөлүк легалдуу газетаны чыгаруу ж-до чечим кабыл алган. Парижде чыгуучу «Рабочая газетасы» БКнын официалдуу органы деп жарыялаган. В. И. Ленин башында турган БКны шайлаган. Россиядагы парт. ишти жетектөө үчүн РСДРП БКнын Орус бюросун бекиткен. 6-парт. конф-я рев-ячыл жаңы жогорулаштын шартында партиянын саясий багытын ж-а тактикасын белгилеп, маркстик принциптердин жеңишин бекемдеген, партияны ж-а анын БКсын кайра түзгөн, РСДРПнин оппортунисттерден тазалаган.

Ад.: Ленин В. И., РСДРПнин Бүткүл Россиялык VI (Прагалык) конференциясы, 1912-жыл, 5—17(18—30)-январь, Чыг., кырг. 1-бас., 17-т.; Остроухова К. А., Шестая (Пражская) Всероссийская конференция РСДРП, 3 изд., М., 1971.

РСДРП(б)нин БҮТКҮЛ РОССИЯЛЫК 7-(АПРЕЛЬ) КОНФЕРЕНЦИЯСЫ— большевиктер партиясынын 1917-ж. 24—29-апрелде (7—12-май) Петроградда өткөн биринчи легалдуу конф-ясы. 78 парт. уюмдан (80 миң мүчөсүнөн) 133 делегат чечүүчү, 18 делегат кеңешчи добуш м-н катышкан. Күн тартиби: учурдагы абал, тынчтык конф-я, Жумушчу ж-а солдат депутаттар советине карата мамиле, парт. программаны кайра кароо, Интернационалдагы абал ж-а биздин милдеттерибиз, с.-д. интернационалдык уюмдарды бириктирүү, агрардык маселе, улут маселеси, уюмдаштыруу чогулуш, уюштуруу маселеси, областтар б-ча докладдар, БКны шайлоо. Апрель конф-ясынын ишине В. И. Ленин жетекчилик кылып, учурдагы абал б-ча жасалган докладында бурж.-демокр. рев-ялын соц. рев-яга өсүп чыгышы б-ча большевиктердин күрөш планын баяндаган (к. *Апрель тезистери)*, партиянын жакынкы милдеттерин (бардык бийликтин Советтерге өтүшү, массага түшүндүрүү жолу м-н *кош бийликти* жоюу, массаны большевиктер тарабына тартуу, Советтердеги уюштуруу аракеттери аркылуу эсер, меньшевиктерди ашкерелөө) белгилеп, «Бардык бийлик Советтерге!» деген ураанды койгон. Бул рев-ялын тынч өнүгүүсүнүн багыты болгон. Конф-я большевиктердин соц. рев-ядагы стратегиялык багытын бекиткен. Конф-я агрардык маселе б-ча помещик, удель, чиркөө ж. б. жерлерди конфискациялоо, аларды дыйкан комитеттеринин карамагына берүү ж-а өлкөдөгү бардык жерди мамлекеттештирүү ж-до чечим кабыл алган. Партия дыйкандарга уюмдаштыруу чогулушту күтпөй эле жерди тезинен, уюшкандык түрдө алууга кеңеш берген. Большевиктердин агрардык программасы дыйкандарды жер үчүн күрөшкө мобилизациялап, соц. рев-ялын күчтүү резервин түзгөн.

Конф-я улуттардын өз тагдырын өзү чечүү укугу ж-дөгү В. И. Ленин жазган рез-ялы бекиткен, парт. программаны кайра кароонун зарылдыгын таанын, БКга анын долбоорун даярдоо тапшырылып, күн тартибиндеги бардык маселелер б-ча рез-я кабыл алган. Конф-я Россияда соц. рев-ялын шарттары бышып жетилгенин, пролетариат диктатурасы, дыйкандар ж-а улут маселеси ж-дөгү рев-ячыл-демокр. талаптарды бекиткен. Съездде парт. курулуштун уюмдаштыруу принциптери, өзгөчө партиянын уставынын биринчи параграфы (партияга мүчөлүк ж-до) талкууланганда талаш-тартыш өтө күчөп, Мартовдун формулировкасы кабыл алынган. Ал партиянын 3-съездинде (1905) гана ондолуп, В. И. Ленindин формулировкасы м-н алмашылган. Уставдын калган бардык пункттары Ленindин формулировкасы б-ча бекиген.

Съезд БКны, Борб. органды (БО) ж-а Партия советин түзгөн. «Искранын» редакциясына Ленин, Мартов, Плеханов (бирок Мартов редакцияда иштөөдөн баш тартkан), БКга Г. М. Кржижановский, Ф. Г. Ленгник, В. А. Носков шайланган. Партия совети бөт адамдан шайланган. Ушундан баштап партиянын борб. мекемелерин шайлоодо көпчүлүк добуш алган Ленindи жактоочулар «большевиктер», ал эми аз добуш алган анын каршылаштары «меньшевиктер» аталып калган. 2-съездин тарыхый маанисн зор. Съезд рев-ячыл маркстик партия — большевиктер партиясын түзгөн. «Большевизм,— деп жазган В. И. Ленин,— саясий пикирдин агымы катарында жана саясий партия катарында 1903-жылдан жашап келе жатат» (Чыг., 31-т., 8-б.).

Ад.: Ленин В. И., РСДРПнин 2-съезди, Чыг., кырг. 1-бас., 6-т.; ошонуку, Бир кадам алга, эки кадам артка, ошондо, 7-т.; ошонуку, Россиядагы социал-демократиялык жумушчу партиясынын 2-съезди жөнүндө кабар, ошондо, 8-т.; ошонуку, Коммунизмдеги «солчулдук» туп балалык оорусу, ошондо, 31-т.; ошонуку, Маркс — Энгельс — Марксизм, Фр., 1950; КПСС съезддердин, конференциялардын жана БКнын пленумдарынын резолюцияларында жана чечимдеринде, 1-бөлүк, Фр., 1956.

РСДРПнин 3-СЪЕЗДИ 1905-ж. 25-апрелден 10-майга чейин Лондондо өткөн. Съездге 24 делегат чечүүчү, 14 делегат кеңешчи добуш м-н катышкан. Ага РСДРПнин бардык уюмдары чакырылган. Бирок меньшевиктер катышуудан баш тартып, Женевада өз конф-ясын өткөргөн. Күн тартиби: Уюштуруу комитетинин доклады, РСДРПнин программасы м-н уставы ж-до, РСДРПдеги Бунддун орду, улут маселеси, экон. күрөш ж-а профсоюз күймылы, партиянын ички маселелери, РСДРПнин эсерлерге мамилеси, БКны ж-а партиянын Борб. органынын редакциясын шайлоо ж. б.

Съездде В. И. Ленин партиянын уставы ж-до доклад жасап, күн тартибинин бардык маселелери б-ча чыгын сүйлөгөн. Съезд Маркс м-н Энгельс дүйнөдөн кайткандан кийин эл аралык жумушчу кыймылынын тарыхында биринчи болуп рев-ячыл программа кабыл алган. Программанын агрардык бөлүмүн В. И. Ленин жазган. Съезд программанын жоболорунун маркстик принциптерине каршы чыккан оппортунисттердин көз карашын катуу сынга алып, пролетариат диктатурасы, дыйкандар ж-а улут маселеси ж-дөгү рев-ячыл-демокр. талаптарды бекиткен. Съездде парт. курулуштун уюмдаштыруу принциптери, өзгөчө партиянын уставынын биринчи параграфы (партияга мүчөлүк ж-до) талкууланганда талаш-тартыш өтө күчөп, Мартовдун формулировкасы кабыл алынган. Ал партиянын 3-съездинде (1905) гана ондолуп, В. И. Ленindин формулировкасы м-н алмашылган. Уставдын калган бардык пункттары Ленindин формулировкасы б-ча бекиген.

Съезд БКны, Борб. органды (БО) ж-а Партия советин түзгөн. «Искранын» редакциясына Ленин, Мартов, Плеханов (бирок Мартов редакцияда иштөөдөн баш тартkан), БКга Г. М. Кржижановский, Ф. Г. Ленгник, В. А. Носков шайланган. Партия совети бөт адамдан шайланган. Ушундан баштап партиянын борб. мекемелерин шайлоодо көпчүлүк добуш алган Ленindи жактоочулар «большевиктер», ал эми аз добуш алган анын каршылаштары «меньшевиктер» аталып калган. 2-съездин тарыхый маанисн зор. Съезд рев-ячыл маркстик партия — большевиктер партиясын түзгөн. «Большевизм,— деп жазган В. И. Ленин,— саясий пикирдин агымы катарында жана саясий партия катарында 1903-жылдан жашап келе жатат» (Чыг., 31-т., 8-б.).

Ад.: Ленин В. И., РСДРПнин 2-съезди, Чыг., кырг. 1-бас., 6-т.; ошонуку, Бир кадам алга, эки кадам артка, ошондо, 7-т.; ошонуку, Россиядагы социал-демократиялык жумушчу партиясынын 2-съезди жөнүндө кабар, ошондо, 8-т.; ошонуку, Коммунизмдеги «солчулдук» туп балалык оорусу, ошондо, 31-т.; ошонуку, Маркс — Энгельс — Марксизм, Фр., 1950; КПСС съезддердин, конференциялардын жана БКнын пленумдарынын резолюцияларында жана чечимдеринде, 1-бөлүк, Фр., 1956.

РСДРПнин 1-СЪЕЗДИ 1898-ж. 1—3 (13—15)-марттa Минскиде жашырын өткөн. Съездге Петербург, Москва, Киев ж-а Екатеринославдын «Жумушчу табын боштондукка чыгаруу үчүн күрөш союзунан», Бунддан ж-а киевдик «Рабочая газета» тобунан 9 өкүл катышкан. В. И. Ленин Сибирде сүргүндө жүргөндүктөн съездге катыша алган эмес. Съезд Россиялык с.-д. жумушчу партиясынын түзүлгөндүгү ж-до чечим кабыл алып, 3 кишиден турган БКны шайлаган. Ал партиянын түзүлүшү ж-до Манифест жарыялаганы м-н бир катар негизги (пролетариаттын саясий бийликти жеңип алышы, жумушчу табынын жетекчи ролу ж-до ж. б.) маселелерди караган эмес. Иш жүзүндө Россияда маркстик с.-д. партия түзүлгөн эмес, партиянын программасы, уставы иштелип чыкпаган, о. эле с.-д. уюмдардын ортосунда байланыш, бирдиктүү жетекчилик жонго салынбаган. Съезд чачыранды с.-д. уюмдарды ж-а топторду бирдиктүү партияга бириктирүүдөгү алгач аракеттерден гана болгон. Съездден кийин бат эле полиция БКнын 2 мүчөсүн, көрүнүктүү социал-демократтарды камаган. Съездден кийин Россиядагы маркстик кыймыл чачыранды бойдон калган. Жумушчу табынын рев-ячыл маркстик партиясы В. И. Ленindин жетекчилиги м-н 1903-ж. *РСДРПнин 2-съездинде* түзүлгөн.

Ад.: Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын тарыхы, Фр., 1971.

РСДРПнин 2-СЪЕЗДИ 1903-ж. 17(30)-июндан 10(23)-августка чейин Брюсселде, кийин Лондондо өткөн. Съездге 43 делегат (анын 8и экиден добушка ээ болгон) чечүүчү, 14 делегат кеңешчи добуш м-н катышкан. Күн тартиби: Уюмдаштыруу комитетинин доклады, РСДРПнин программасы м-н уставы ж-до, РСДРПдеги Бунддун орду, улут маселеси, экон. күрөш ж-а профсоюз күймылы, партиянын ички маселелери, РСДРПнин эсерлерге мамилеси, БКны ж-а партиянын Борб. органынын редакциясын шайлоо ж. б.

Съездде В. И. Ленин партиянын уставы ж-до доклад жасап, күн тартибинин бардык маселелери б-ча чыгын сүйлөгөн. Съезд Маркс м-н Энгельс дүйнөдөн кайткандан кийин эл аралык жумушчу күймылынын тарыхында биринчи болуп рев-ячыл программа кабыл алган. Программанын агрардык бөлүмүн В. И. Ленин жазган. Съезд программанын жоболорунун маркстик принциптерине каршы чыккан оппортунисттердин көз карашын катуу сынга алып, пролетариат диктатурасы, дыйкандар ж-а улут маселеси ж-дөгү рев-ячыл-демокр. талаптарды бекиткен. Съездде парт. курулуштун уюмдаштыруу принциптери, өзгөчө партиянын уставынын биринчи параграфы (партияга мүчөлүк ж-до) талкууланганда талаш-тартыш өтө күчөп, Мартовдун формулировкасы кабыл алынган. Ал партиянын 3-съездинде (1905) гана ондолуп, В. И. Ленindин формулировкасы м-н алмашылган. Уставдын калган бардык пункттары Ленindин формулировкасы б-ча бекиген.

Съезд БКны, Борб. органды (БО) ж-а Партия советин түзгөн. «Искранын» редакциясына Ленин, Мартов, Плеханов (бирок Мартов редакцияда иштөөдөн баш тартkан), БКга Г. М. Кржижановский, Ф. Г. Ленгник, В. А. Носков шайланган. Партия совети бөт адамдан шайланган. Ушундан баштап партиянын борб. мекемелерин шайлоодо көпчүлүк добуш алган Ленindи жактоочулар «большевиктер», ал эми аз добуш алган анын каршылаштары «меньшевиктер» аталып калган. 2-съездин тарыхый маанисн зор. Съезд рев-ячыл маркстик партия — большевиктер партиясын түзгөн. «Большевизм,— деп жазган В. И. Ленин,— саясий пикирдин агымы катарында жана саясий партия катарында 1903-жылдан жашап келе жатат» (Чыг., 31-т., 8-б.).

Ад.: Ленин В. И., РСДРПнин 2-съезди, Чыг., кырг. 1-бас., 6-т.; ошонуку, Бир кадам алга, эки кадам артка, ошондо, 7-т.; ошонуку, Россиядагы социал-демократиялык жумушчу партиясынын 2-съезди жөнүндө кабар, ошондо, 8-т.; ошонуку, Коммунизмдеги «солчулдук» туп балалык оорусу, ошондо, 31-т.; ошонуку, Маркс — Энгельс — Марксизм, Фр., 1950; КПСС съезддердин, конференциялардын жана БКнын пленумдарынын резолюцияларында жана чечимдеринде, 1-бөлүк, Фр., 1956.

РСДРПнин 4-(«БИРИКТИРМЕ») СЪЕЗДИ 1907-ж. 10—25-апрелде (23-апр.—8-май) Стокгольмдо өткөн. Ага РСДРПнин 57 уюмунан 112 делегат чечүүчү, 22 делегат кеңешчи добуш м-н, о. эле улуттук с.-д. партиялардан 12 өкүл катышкан. Большевиктердин 46, меньшевиктердин 62 добушу болгон. Күн тартиби: агрардык программаны кайрадан карап чыгуу, учурдагы абал ж-а пролетариаттын тактык милдеттери ж-до, Мамл. думага шайлоолордун жыйынтыгына ж-а Думанын өзүнө байланыштуу тактика ж-дөгү маселе, куралдуу көтөрүлүш ж. б.

В. И. Ленин съездге агрардык маселе, Мамл. думага карата көз караш, учурдагы абал ж-а пролетариаттын тактык милдеттери, куралдуу көтөрүлүш ж. б. маселелер б-ча доклад жасаган. В. И. Ленин бардык жерди мамлекеттештирүүнү (помещик жерлерин конфискациялоо, жерге болгон жеке менчикти жоюу ж-а аны элдин жалпы менчигине берүү) талап кылган. Бул программа дыйкандарды рев-я тарабына тартууга, бурж.-демокр. рев-ялын толук жеңишине ж-а соц. рев-яга өтүү үчүн шарт түзүүгө багытталган. Меньшевиктер жерди муниципалдаштыруунu (помещик жерлерин жерг. өзүн-өзү башкаруучу органдарга берүүнү) сунуш кылган. Съезд көпчүлүк добуш м-н меньшевиктик сунушту кабыл алган. В. И. Ленин бул программаны реакция м-н

оозапгандык деп баалаган. Учурдагы абал ж-а Мамл. дума ж-догу талаштартын курч муноздо откон. Съезд куралдуу котөрүлүш, Мамл. дума ж. б. б-ча да меньшевиктик рез-яны кабыл алган. Съезд Польша м-н Литва социал-демократтарын РСДРПнин катарына кошкон. Латыш социал-демократтары м-н Бунддун биригүү шартын белгилеген. Меньшевиктер уставдагы партиянын мүчөлүгү ж-де 1-параграфына лениндик формулировканы кабыл алууга мажбур болгон. Съезд 3 большевик, 7 меньшевиктен турган БКны шайлаган. Борб. органдын редакциясына меньшевиктер гана кирген. Съездде меньшевиктер м-н биригүү формалдуу түрдө гана болуп, негизги идеялык карама-каршылык кала берген.

Ад.: Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 10-т.; КПСС съездердин, конференциялардын жана БКнын пленумдарынын революцияларында жана чечимдеринде, 1-болук, Фр., 1956.

РСДРПнин 5-(ЛОНДОН) СЪЕЗДИ 1907-ж. 30-апрелден 19-майга (13-май — 1-июнь) чейин Лондондо откон. Партиянын 145 уюмунан 303 делегат чечүүчү, 39 делегат кеңешчи добуш м-н катышкан. Күн тартиби: БКнын отчёту, Дума фракциясынын отчёту, бурж. партияларга ж-а Мамл. думага карата мамиле, «Жумушчу съезди жонүндө» ж-а партияда жок жумушчулар уюму, профсоюздар м-н партия ж-де ж. б. Съезд узакка созулуп, ага болүнгөн каражат бүт сарталгандыктан кээ бир маселелер күн тартибинен чыгарылган.

В. И. Ленин съездин президиумуна шайланып, бир нече баседаниеге пред-ялык кылган. Съезддеги негизги маселе «буржуазиялык партияларга карата мамиле» ж-де болгон. РСДРП БКнын отчёттук докладын А. Мартов жасаган. БКнын ишн тууралуу большевиктерден А. А. Богданов, Бунддан Р. А. Абрамович кошумча доклад м-н чыккан. Дек. куралдуу көтөрүлүшү жецилгенден ж-а Мамл. 1-думанын ишн башталгандан кийин меньшевиктер падыша окмотун куралдуу көтөрүлүш аркылуу кулатуу ураанынан баш тартып, реформисттик жолго түшкөнүн В. И. Ленин БКнын ишн тууралуу сүйлогон сөзүндө катуу сынга алган. «Буржуазиялык партияларга карата мамиле» маселеси б-ча большевиктерден В. И. Ленин, меньшевиктерден А. С. Мартынов, польшалык социал-демократтардан Р. Люксембург, Бунддан Р. А. Абрамович доклад жасаган. Р. Люксембург большевиктердин жактап, меньшевиктерди оппортун. иш-аракети үчүн айыптаган. Латыш крайынын социал-демократтары да большевиктерди колдогон. Съезд В. И. Ленинди жеке бийликтин ж-а буржуазиянын элдешме саясатын ашкерелөө үчүн Мамл. думанын трибунасын пайдалануу зарыл деген сунушун кабыл алган. «Жумушчу съезди» ж-а партияда жок жумушчулар уюму ж-де большевиктерден Г. Д. Лейтейзен (Линдов), меньшевиктерден П. Б. Аксельрод баяндама жасаган. Съезд бул маселе б-ча басымдуу көпчүлүк добуш м-н большевиктердин рез-ясын жактырган. Партиянын жаңы Уставы кабыл алынган. Съезд БКнын составына 5 большевик, 4 меньшевик, 2 польшалык ж-а 1 латыш социал-демократты шайлаган. Большевиктер БКнын составы ар түрдүү уюмдардан болгондугун эске алып, өздөрүнүн кецешмесинде В. И. Ленин башында турган большевиктик борборду шайлаган. Съезддин чечимдери большевизмдин жумушчу күймылындагы жецишин белгилеген.

Ад.: Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 12-т.; КПСС съездердин, конференциялардын жана БКнын пленумдарынын революцияларында жана чечимдеринде, 1-болук, Фр., 1956; Пятый (Лондонский) съезд РСДРП. Протоколы, М., 1963.

РСДРП(б)нин 6-СЪЕЗДИ 1917-ж. 26-июндан 3(8—16)-августка чейин Петроградда откон. Партиянын 240 миң мүчөсүнөн 157 делегат чечүүчү, 110 делегат кецешчи добуш м-н катышкан. Күн тартиби: уюмдаштыруу бюросунун ж-а РСДРП(б) БКнын доклады, жер-жерлерден келген делегаттардын отчёту, учурдагы абал, программаны кайра кароо, уюштуруу маселелери, уюмдаштыруу чогулушына шайлоо, Интернационал (БКга рез-я иштеп чыгуу тапшырылган), партияны бириктирүү, профессиялык күймыл ж. б. Мындан башка В. И. Ленинди сотко келтирбөө ж-догу Г. К. Орджоникидзенин доклады. Съезд жашырын откон. Анын ишин В. И. Ленин подпольеден жетектеп, маанилүү рез-яларынын долбоорун жазган. 1917-ж. июль күндөрүнөн кийин көп бийликти контррев-ячыл бурж. диктатура алмаштырган. Ушундай жаңы шартта Ленин «Бүткүл бийлик Советтерге!» ураанын убактылуу алып салууну сунуш кылган. Куралдуу көтөрүлүш патыйжасында гана жумушчу табы м-н кедей дыйкандар бийликке жетишмек. Съезд өлкөдөгү саясий абалга баа берип, соц. рев-я күч алып баратат деген жыйынтыкка келген. Троцкийчилер пролетардык рев-я Батыш Европада жецмейинче Россияда жецишн мүмкүн эмес деп, партиянын соц. рев-яга жүргүзгөн багытына каршы чыккан. Съезд социализмдин айрым бир өлкөдө жецишн мүмкүндүгү ж-догу ленинчил теорияны жактап, троцкийчилерге сокку урган, о. эле Бухариндин дыйкандар буржуазия м-н саясий блокко биригүүнү каалайт, ал пролетариаттын артынан ээрчибейт деген далилдөөсүн да төгүндөгөн. Съездин учурдагы абал, согуш, саясий ж-а экон. абал ж-догу рез-яларында жумушчу табы кедей дыйкандардын колдоосу м-н соц. рев-яны ийгиликтүү жүргүзө алат деп корсөтүлгөн; жумушчу табы м-н кедей дыйкандарга бардык бийликтин отүшү, демокр. тынчтыктын түзүлүшү ж-а улут маселесинин чечилишн мүмкүн экени белгиленген. Съезд большевиктердин экон. платформасын (помещик жерлерин конфискациялоо ж-а олкодогу бардык жерди, банктарды, ири о. ж-ды мамлекеттештирүү, өндүрүшкө жумушчу контролун киргизүү ж. б.) бекиткен. Профсоюз, жаштар, пропаганда ж. б. ж-де маанилүү чечимдерди, РСДРП(б)нин Уставын кабыл алган, Лениндин сотко келишине каршы чыккан. Съезд партияны куралдуу көтөрүлүшкө, соц. рев-яга багыттап, 21 мүчө ж-а 10 кандидаттан турган БКны шайлаган.

Ад.: КПСС съездердин, конференциялардын жана БКнын пленумдарынын революцияларында жана чечимдеринде, Фр., 1-болук, 1956; Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын тарыхы, Фр., 1971.

РСДРП(б)нин КАВКАЗ КРАЙЛЫК КОМИТЕТИ—крайлык жог. парт. орган; 1917-ж. октябрда Тбилисиде Кавказ крайынын большевикчил уюмдарынын 1-съездинде түзүлгөн. Комитет Закавказье, Түн. Кавказ, Дагестан ж-а Кара деңиздин түш. болүгүндөгү коммунисттик уюмдарды жетектеген. «Кавказский рабочий», «Кавказская правда» ж. б. басма органдары болгон. Комитет съезд, конф-ялардын аралык бир жолу, о. эле пленумдарды чакырып турган. Ал оор шартта Совет бийлигинин Кавказда жецишн үчүн рев-яны саясий армиясын түзүүдө, массаны өзүнө тартууда зор саясий уюмдаштыруу ж-а агитация-түшүндүрүү иштерин жүргүзгөн. Грузин меньшевиктери, армян дашнактары, азерб-н мусаватчылары сыяктуу улутчулдардын чыккынчылык саясатынын бетин ачкан. Комитетке ар кайсы мезгилде А. М. Акопян, П. А. Жапаридзе, А. И. Микоян, Г. Чхеидзе, Е. И. Емба ж. б. кирген. Өз алдынча Азерб-н, Армения, Грузия коммунисттик партияларынын түзүлүшүнө байланыштуу 1920-ж. 20-майда РКП(б) К. к. к. өз ишин токтоткон.

Ад.: Очерки истории коммунистических организаций Закавказья. (1883—1921), т. 1, Тб., 1967.

РСДРПнин КАВКАЗ СОЮЗДУК КОМИТЕТИ — 1903—06-ж. РСДРПнин Кавказ союзунун жетекчи органы. 1903-ж. мартта Тбилисиде Кавказ с.-д. уюмдарынын 1-съездинде түзүлгөн. Съезд Кавказ союзун РСДРПнин ажырагыс болүгү деп жарыялап, лениндик «Искраны» партиянын жетекчи органы деп таанып, «Искра» редакциясы иштеп чыккан партиянын уставы м-н программасынын долбоорун кабыл алган. Комитетке И. В. Сталин, М. Г. Цхакая, С. Г. Шаумян ж. б. кирген. Милдети пролетардык интернационализмдин принцибинин негизинде жерг. парт. уюмдардын иштерин бириктирүүнү, марксток ад-тты улуттук тилде басып чыгарууну кецейтүү болгон. «Борьба пролетариата», «Листок» аттуу жашырын газеталарды чыгарган. Комитет Закавказье пролетариатынын саясий иш таштоолорун ж-а демонстрацияларын жетектеген, меньшевизмге каршы күрөшкөн. 1906-ж. большевиктик ж-а меньшевиктик комитеттердин биригүүсүнөн улам РСДРПнин К. с. к. өз ишин токтоткон.

Ад.: Очерки истории коммунистических организаций Закавказья, 1883—1921, т. 1, Тб., 1967.

РСДРПнин КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ТОПТОРУ — Кырг-ндагы рев-ячыл күймылдын жүрүшүндө (1917) пайда болгон алгачкы большевиктик уюмдар. Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Ош, Пишпек, Пржевальск ш-ларында пайда болгон. Анын жетекчилери ж-а уюштуруучулары шахтёрлор И. И. Едренкин (Кызыл-Кыя) ж-а Д. Т. Декапов (Сүлүктү), жумушчулар А. Г. Аношин (Ош), А. И. Иваницын (Пишпек), П. Д. Гречко, Р. П. Маречек (Пржевальск), жерг. улуттун окуядору Х. Хасанов, К. Сарыкулаков, И. Худайбергенов, Х. Мусабаев, М. Сарымсаков, солдат-фронтовиктер Ф. С. Дубовицкий, П. Н. Павлов, Н. С. Иванов ж. б. болгон. 1917-ж. мартта Сүлүктүдө, июнда Кызыл-Кыяда большевиктик топтор түзүлгөн. Пишпек м-н Пржевальскиде большевиктик топтор 1917-жылдын аягында, Кырг-ндын башка жерлеринде андан кечирээк калыптанган. Түш. Кырг-ндагы топтор Февр. рев-ясынын натыйжасында түзүлгондуктон алгач ага меньшевиктер да кирген, бирок большевиктер тез эле алардын таасирinen кутулушкан. Түн. Кырг-нда Окт. рев-ясынын таасири м-н большевиктер өз алдынча топтор түзүшкөн, бирок алардын арасында жог. билимдүү ж-а марксток теориялык даярдыгы бар адамдар болгон эмес. Кырг-н большевиктери Россия ж-а Түркстандын борбордору м-н такай байланыша албай, жашырын аракеттенишкен. Убактылуу өкмөттүн органдары бардык жактан колдогон бурж. ж-а улутчул ар түрдүү уюмдардын курчоосунда калган. Ушундай татаал шартта большевиктик топтор жумушчу, солдаттардын, кыргыз ж-а орус дыйкандарынын арасында митинг ж-а демонстрация уюштурушуп, бурж. бийликке тартынбай каршы чыгышкан. Алар Советтердеги меньшевиктер м-н эсерлерди ашкерелеп, эмгекчилерге өздөрүнүн массалык уюмдарын түзүүгө жардам берип, Убактылуу өкмөттүн органдарын кулатууга ж-а Советтердин бийлигин орнотууга даярдан, өз укуктары үчүн күрөшүүгө чакырган. Бул процесс Кырг-ндын аймагында 1918-жылдын ортосунда аяктаган. 1918—20-жылдары большевиктик топтор уезддик-шаардык парт. уюмдарга айландырылган.

Ад.: Миртов В. В., Идейное и организационное укрепление областной парторганизации Киргизии, Фр., 1966; Кыргызстан Коммунисттик партиясынын тарыхынын очерктери, Фр., 1967; Кыргыз ССР тарыхы, 1—2-т., Фр., 1973.

РСДРПнин МАКСИМУМ ПРОГРАММАСЫ — *РСДРПнин 2-съездинде* (1903) кабыл алынган программанын бир болүгү. Анда партиянын негизги милдеттери (соц. рев-янын ишке ашыруу, капитализмди кулатуу ж-а соц. коомду куруу үчүн пролетариат диктатурасын орнотуу) белгиленген, к. *Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын программасы.*

РСДРПнин МИНИМУМ ПРОГРАММАСЫ — *РСДРПнин 2-съездинде* (1903) кабыл алынган программанын бир болүгү. Партиянын жакынкы милдеттерин (жеке бийликти кулатуу, 8 саат жумуш күнүн камсыз кылган демокр. респ-каны орнотуу, бардык улуттардын тендиги ж-а өз тагдырын өзү чечүү укугу, айылыштактарда крепостнойлуктун калдыктарын жоюу) белгилеген, к. *Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын программасы.*

РСДРПнин ПОДПОЛЬЕЛИК БАСМАКАНАЛАРЫ — 19-к-дын 90-жылдарынан 1917-ж. октябрга чейин Россиянын аймагында большевиктик рев-ялык баракча, чакырык, прокламация, газета, китепче ж. б. басып чыгарган жашырын ишканалар. Аларды РСДРПнин 2-съездинен кийин (1903) БКнын Борб. тех. бюросу жетектеген. Басмадан чыккан ад-ттарды БКнын бюросу м-н Борб. тех. бюросу баш ийген райондук тех. топтор таратkан. Басмаканалардын негизги каражаттарын жумушчулардын мүчөлүк акысы түзгөн. РСДРПнин п. б-на М. Горький, В. Ф. Комиссаржевская ж. б. материалдык жактан жардам берген. 90-жылдын аягында басма ишн гектографта, 1894-жылдан Л. П. Радин (Москва «Жумушчу союзунун» мүчөсү) ойлоп тапкан станок-мимеографта басылган. 20-к-дын башынан басма машинасы колдонулган. РСДРПнин жашырын басмаканаларының алгачкы ж-а эң ирилери Баку м-н Кишинёвдогу лениндик «Искра» газетасынын басмаканалары болгон. 1902-жылдан «Искранын» тапшырмасын РСДРПнин Нижегород комитетинин басмаканасы аткарып, матрицадан «Искранын» бир нече санын ж. б. макалаларды баскан. 1902—03-ж. РСДРПнин Петербург, Николаев, Томск, Киев, Одесса, Тифлис ж. б. комитеттеринде да басмакана болгон. Партиянын чоң басмаканасы 1903—07-ж. Авлабарда, Москванын Лесной кечесүндө ж-а Ржевскиде болгон. 1917-ж. февралдан РСДРП(б)нин басмалары ачыкка чыгып, 1917-ж. Июль күндөрүнөн Окт. рев-ясынын жецишне чейин кайрадан подпольеге откон.

Ад.: Иванов Ю. Г., Подпольные типографии ленинской «Искры» в России. 1901—1903 гг., Киш., 1962; Левитас И. Г., Москалёв М. А., Фингерит Е. М., Революционные подпольные типографии в России (1860—1917), М., 1962; Панченко В. С., Ленинская нелегальная печать (1910—1914 гг.), Ростов н/Д., 1970.

РСДРПнин СИБИРЬ СОЮЗУ (1903-жылга чейин), Сибирь социал-демократиялык союзу Сибирдеги с.-д. топтордун ишин координациялоо максатында 1901-ж. түзүлгөн. Ага Томск, Красноярск, Иркутск ш-ларындагы ж-а Иланск, Тайга т. ж. станцияларындагы с.-д. топтор кирген. Программасында пролетариаттын саясий эркиндиги, социализм үчүн күрөшүү милдеттери белгиленген, бирок жацылыш түрдө союздун Бүткүл россиялык жумушчу күймылынан обочо турушун жарыялаган. 1902-ж. июлда борбору Иркутскиге көторулган. 1903-ж. союз «Искраны» жетекчи орган деп тааныш, РСДРПге кирген. 1905-ж. июнда союздун конф-ясында борб. жетекчи органдарга негизинен меньшевиктер шайланган. Большевиктик багыттагы жерг. комитеттер меньшевиктик жетекчилерге баш ийбей, союз ыдыраган. 1906-ж. Красноярскиде өткөн Сибирдин с.-д. уюмдарынын съездинде Союздун жацы большевиктик комитети шайланган. 1908-жылдагы камоолордун патыйжасында өз ишин токтоткон.

РСДРПнин ТҮРКСТАНДЫК 1-КОНФЕРЕНЦИЯСЫ 1906-жылдын февралында Ташкен ш-нда откөн. Ага партиянын Ташкен, Ашхабад, Кызыл Арбат, Чаржоу, Самаркан, Маргалац уюмдарынан делегаттар катышкан. Конф-я жер-жерлердин окуядорунун докладын угуп, талкуулаган. Башка саясий партияларга карата мамиле, мамл. дума, куралдуу көтөрүлүш ж. б. бир катар уюмдаштыруу маселелерин чечкен. *«РСДРПнин Түркстан уюмдарынын союзун»* ж-а Союздук комитетин түзүп, пропагандалык ишти (өзгөчө жерг. улуттардын жумушчуларынын арасында) күчөтүүгө өзгөчө көңүл бурган. Бирок анын чечимдеринде дыйкандар арасында иштөө ж-де айтылган эмес. Конф-я «профсоюздардын бейтарантуулугу жонүндө» меньшевиктик мүнөздогу чечим кабыл алганы м-н аның мааниси зор.

РСДРПнин ТҮРКСТАН УЮМДАРЫНЫН КРАЙЛЫК 2-СЪЕЗДИ 1917-ж. 21—27-июнда Ташкен ш-нда откон. Ага 12 уюмдан 29 делегат чечүүчү, 2 делегат кецешчи добуш м-н катышкан. Делегаттардын 11и большевик, 11и меньшевик-коргонуучу, 4ү меньшевик-интернационалист болгон. Большевиктер съездде бир катар маселе б-ча меньшевик-интернационалисттерди колдогон. Бирок меньшевик-интернационалисттер негизги маселелер б-ча (согуш, Убактылуу өкмөткө карата мамиле ж. б.) меньшевиктерге кошулган. «Партиялык биригүү жонүндө» маселе талаш-тартыштарды туугузган. Көпчүлүк добуш м-н съезд жалпы программа ж-а парт. тартиптин негизинде бардык агымдардын биригишин зарыл деп тапкан рез-я кабыл алган. РСДРП(б) БКнын большевиктик уюмдардан «биригүүчүлүктү» тез жоюуну талап кылган директивасына карабастан съездде биригүүчүлүк тенденция жецип чыккан. Партиялык крайлык бюросун түзүү зарылдыгын таанып, съезд аның функциясын белгилеген. Съезд партиянын крайлык газетасын чыгаруу ж-де чечимди, партиянын уставын бир добуштан кабыл

алган (партияның мүчелүгү ж-до Мартовдун формулировкасы алынган). Съезд соц. партияларга карата мамиле ж-до маселени талкуулаган. Агрардык маселе «жетиштүү материалдардын жоктугунан» кийинки съездге калтырылган. Улут маселеси б-ча съезд меньшевиктик талаптар м-н чектелген («улуттук-маданий автономия»). РСДРПнин крайлык бюросун шайлаган. Съезд меньшевиктердин майда бурж. бириг үүчүлүк саясатында өткөн.

Ад.: История коммунистических организаций Средней Азии, Таш., 1967.

«РСДРПнин ТҮРКСТАН УЮМДАРЫНЫН СОЮЗУ» 1906-ж. февралда РСДРПнин Түркстандык 1-конф-ясында түзүлгөн. Конф-я «РСДРПнин Түркстан уюмдарынын союзу» ж-а аның комитетин түзгөн. Союздук комитеттин составына большевиктер М. В. Морозов, В. А. Калашников шайланган. Комитеттин органы — «Рабочий» газетасы, Түркстандагы аскер рев-ячыл уюмдарынын органы — «Солдатский листок», о. эле «Правда» газеталары бекитилген. «РСДРПнин Түркстан уюмдарынын союзунун» түзүлүшү крайдагы парт. иштин андан ары жакшырышына жардам берген.

РСДРПнин ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК СЕКЦИЯСЫНЫН (БЕРН) КОНФЕРЕНЦИЯСЫ 1915-ж. 14—19(27-февр.—4-март)-февралда Бернде В. И. Лениндин жетекчилиги м-н өткөн. Ага РСДРП БКнын борб. органы «Социал-демократ» газетасынан, Женева с.-д. уюмунан, РСДРПнин Париж, Цюрих, Женева, Берн, Лозанна, Лондон секцияларынан, Бож тобунан өкүлдөр катышкан. Күн тартибинин негизги пункту — согуш ж-а партиянын ага байланыштуу милдеттери ж-дөгү маселелер. В. И. Ленин доклад жасаган. Анда ж-а конф-яның рез-ясында импер. согуш шартындагы большевиктердин милдеттери ж-а тактикасы белгиленип, импер. согушту граждандык согушка айландыруунун конкреттүү жолдору көрсөтүлгөн. Конф-я 2-Интернационалдын кыйрашы ж-а 3-Интернационалды түзүү үчүн күрөш ж-дөгү чечиминдө оппортунизмдин социалдык-экон. негизин ашкерелеп, жаңы — 3-Интернационалды негиздөөгө чакырган.

Конф-я большевиктердин эсерлер, меньшевик-ликвидаторлор, бунд ж. б. топтор м-н мамилеси ж-дөгү тактикасын белгилеп, социал-шовинисттерден уюмдук жактан бөлүнүп чыгуу зарылдыгын көрсөткөн. Согуш, келишим ж-а рев-я маселелериндеги коргонуучулукту, солчул сектанттык бурмалоочулукту да айыптаган. Конф-я Чет өлкөлүк уюмдар комитетинин жаңы составын шайлаган.

Ад.: КПСС съезддердин, конференциялардын жана БКнын пленумдарынын резолюцияларында жана чечимдеринде, 1-бөлүк, Фр., 1956; Тёмкин Я. Г., Берн-ская конференция заграничных секций РСДРП (1915 г.), М., 1961.

РСФСР (Российская Советская Федеративная Социалистическая Республика), к. *Россия Советтик Социалисттик Федерация Республикасы.*

РУАНДА, Руанда Республикасы — Борб. Африкадагы мамлекет. Түндүгүнөн Уганда, чыгышынан Танзания, түштүгүнөн Бурунди, батышынан Заир м-н чектешет. Аянты 26,4 миң км². Калкы 4,3 млн (1976). Борбору — Кигали ш. (калкы 10 миң, 1974). Админ. жактан 10 префектурага бөлүнөт.



Р.— респ-ка. Мамлекет ж-а өкмөт башчысы — президент. Мамл. гербин ж-а мамл. желегин к. *Мамлекеттик герб, Мамлекеттик желек* макалаларынын таблицасынан.



Калкы. Элинин көбү (80%тен ашык) банту тил түркүмүндөгү баньяруандалар түзөт. Мамл. тили — киньяруанда ж-а француз тилдери. Дини — католицизм. Шаарлары: Кигали, Бутаре, Рухенгери ж. б.

Тарыхы. Р-нын о. кылымдагы тарыхы начар изилденген. Ал жердеги пигмей уруулары банту тилинде сүйлөгөн уруулар каратканы белгилүү. 14—16-к-да Р. аймагына түндүктөн өфиоп уруулары келе баштаган. 19-к-дын алгында Р. аймагында жерг. уруулардан борбордошкон королдук мамлекет түзүлгөн. 1894-ж. Р. ны герм. колонячылар басып алып, Герм. Чыгыш Африкасына киргизген. Биринчи дүйн. согуш (1914—18) мезгилинде бельгиялык аскерлер басып алган (1916). Р. согуштан кийин Бурунди м-н бириктирилип, Бельгиянын Руанда-Урунди мандаттык, 1946-ж. аның опекалык аймагына айланган. 50-жылдардын алгында Р-да антиимпер. кыймыл күчөгөн. 1959-ж. саясий партиялар — Руанданын улуттук союзу ж-а Республикалык-демокр. кыймыл партиясы негизделип, улуттук эркиндик үчүн күрөшкөн. 1961-ж. 28-январда Р. респ-касы түзүлүп, 1962-ж. Р-нын көз карандысыздыгы жарыяланган. Р.— 1962-жылдан ООНго мүчө. 1963-ж. СССР м-н дипл. мамиле түзгөн.

Экономикасы. Р.—экономикасы начар өнүккөн агрардык өлкө, чет эл капиталына күнкор. А. ч-нда майда дыйкан чарбасы басымдуу. А. ч-на жарактуу жери 1765,8 миң *га*, аның 30% иштетилет, 31% жайыт. Кофе, чай, пиретрум, пахта, буурчак, ак жүгөрү, жүгөрү, батат, маниок ж. б. өстүрүлөт. 1977-ж. 688,8 миң үй, 633 миң эчки, 207 миң кой болгон. Ө. ж. жаңыдан өнүгө баштады. Жылына 40—45 млн *квт·с* электр энергия алынат. Касситерит, вольфрам, тантал-колумбит, берилл, табигый газ казылып алынат. А. ч. сырьёлорун (кофе, чай, пиретрум) иштетүүчү ж-а алюминий идиштерин чыгаруучу з-д, боёк ф-касы ж. б. ө. ж. ишканалары бар. Автомобиль жолунун уз. 8,1 миң км (1975). Сыртка кофе, касситерит, вольфрам, чай, пиретрум ж. б. чыгарып, өзүнө текстиль о. ж. товарларын, азык-түлүк, машина ж-а жабдууларды, транспорт каражаттарын ж. б. алат. Соода шериктери: АКШ, Бельгия, Люксембург, Япония, 1974-ж. СССР м-н соода байланышы ж-до келишим түзүлгөн. Акча бирдиги — руанда франкы. 50 руанда франкы = = АКШнын 1 долларына (1975, апр.).


Эл агартуусу. 1960-жылдары Р. калкынын 80% сабатсыз болгон. 7—13 жаштагы балдардын миллеттүү окуусу ж-дөгү закон (1966) ишке жүзүндө аткарылбай жатат. Башталгыч ж-а орто мектептерде окуу мөөнөтү 6 жыл. Окуу француз тилинде. 1974-жылдан окуу акылуу. Бутаре ш-нда Р. улуттук ун-ти ж-а Улуттук пед. ин-т бар. Р-да киньяруанда ж-а француз тилдеринде жумалык 3 газета чыгат, радио үктүрүү иштейт.

Ад.: Евсеев В., Руанда, М., 1974.

РУБАЙ (тортсап ыр) — Жакынкы ж-а О. Чыгыш элдериндеги лирикалык поэзиянын формасы; ааба же аааа тибинде уйкашкан 4 сап ырдан турат. Перстер м-н тажиктердин көпүрөн тараган элдик оозеки чыгармасында оздөштүрүлгөн (фольклордо дубайти же таране деп аталат). Жазма ад-тта элдик силлабикалык ыр өлчөмүнөн айырмаланып, Р. *аруз* ыр өлчөмүндө курулат. Ал 9—10-к-да (*Рудаки* ж. б.) пайда болгон, ошондон бери филос. ой жүгүртүүсү басымдуу лирикалык поэзияда пайдаланылат. Р. фарсча ад-ттар аркылуу араб, түрк ж-а урду элдеринин ад-тарына да таралган. Жанрдык форма катары Р. 11-к-дын ортосунда жогору өнүгүшкө жеткен.

РУБЕНС Питер (тагыраак Рюбенс) Пауэл (28. 6. 1577, Германия, Зиген — 30. 5. 1640, Антверпен) — фламанд живописчиси. Кайра жаралуу доорунун классикалык өнөрүнөн, М. Караважонун живописинен, улуттук реализмдик традициядан таасирленген. Р. живописке динамикалуу турмуш стихиясынын илебин киргизип, адамдын таза сезиминин сулуулугун, жаратылыштын кооз ыргагын дацаазалайт. Барокко өнөрүнө мүнөздүү улуургуган көтөрүңкү патетика, салтанаттуу параддуулук ж-а декорациялуулук Р-тин чыг-ларында турмуштагыдай жандуулугу, образдардын оптимизми, реалисттик байкоолордун чечкиндүүлүгү м-н эриш-аркак жүрөт. Ал 2—3 мицдей чыгарма жаратканын. Антверпен соборунун алтардык картиналары (1610—14), «Персей жана Андромеда» (1620—21-ж. чен), «Вакх» (1635—40-ж. чен; экөө тең Эрмитажда), «Мария Медичинин тарыхы» (1622—25, Лувр), «Каманга ачылык кылуу» (1618—20-ж. чен, Сүрөт гал., Дрезден) ж. б. Р. о. эле эскиздери м-н сүрөттөрүндө да чебер живописчи экендигин даана көрсөткөн. Анын чыг-лыгы фламанд ж-а Европа живописинин өнүгүшүндө зор роль ойногон.

Ад.: Питер Пауэл Рубенс, М., 1958.



Бутаре ш-ндагы Улуттук ун-т.

РУБИДИЙ (лат. Rubidium), Rb — Менделеевдин мезгилдик системасынын I тобундагы хим. элемент, ат. н. 37, ат. м. 85,47. Күмүш сыяктуу ак, жегич металл. Табигый Р. эки изотоптун (^{85}Rb, ^{87}Rb) аралашмасынан турат. 1861-ж. ачылган. Жер кыртышында массасы б-ча $1{,}5\cdot10^{-2}$%, карналлит, микроклин ж. б. минералдардын составына кирет. Эрүү t 38,9°С, кайноо t 703°С, тыгыз. 1,525 *г/см*³, 1 валенттүү; хим. активдүүлүгү абдан жогору. Кычылтек, суу ж. б. м-н реакцияга ото тез кирет. Р. аның галогениддерин (көбүнчө хлоридин) кальцийдин жардамы м-н калыбына келтирүүдөн алынат. Негизинен фотоэлементтерди, аргон же неон толтурулган жарык бергич түтүктөрдү жасоодо, медицинада колдонулат.

РУБИЛЬНИК — кол м-н башкарылып, электр тизмегин туташтыруу, ажыратуу ж-а кайра кошууга арналган коммутациялык электр аппараты. Контакттардын саны б-ча Р. бир, эки ж-а үч үюлдуу болуп бөлүнөт. Ажыратылма токту жогорулатуу үчүн кубаттуу Р-тер жаа өчүргүч камералар м-н жабдылат. Р. борбордук тутка же рычагдуу механизм аркылуу башкарылат. Р. иштеги кездө өтө ысып кетпегендей ж-а *чукул туюкталууда* жетилбегендей кылып жасалат.

РУБИН (лат. rubeus — кызыл) — *корунд* минералынын бир түрү. Составында Cr^{3+} ионунун кошунду түрүндө кездешүүсү м-н айырмаланат. Р. 1-класстагы асыл таш (к. *Асыл жана кооз таштар).* Р-дин кендери СССРде Ортоңку ж-а Түш. Уралда, чет өлкөлөрдөн Бирмада, Таиландда, Шри-Ланкада бар. Синтет. Р. зергердик ж-а саат ө. ж-ларында, квант электроникасында (лазерде) ж-а мазерде колдонулат.

РУБИНШТЕЙН Антон Григорьевич [16(28). 11. 1829, азыркы Москва обл., Выхватинец кыш.— 8(20). 11. 1894, Петергоф, азыркы Петродворец] — орус пианисти, композитор, дирижёр, педагог ж-а муз. коомдук ишмер. Фортепианодо ойноону энесинен, кийин пианист А. И. Виллуандан үйрөнгөн. 10 жашында Москвада пианист катары эл алдына чыккан. 1840-жылдан европа өлкөлөрүндө, АКШда болуп, концерт берген. 1859-ж. Р-дин демилгеси м-н Орус муз. коому уюшулган. 1862-ж. Россиядагы эң алгачкы Петербург консерваториясын түзгөн. 1862—67, 1887—91-ж. аның директору ж-а проф. болгон (П. Чайковскийдин окутуучусу). Р. орус пианисттер мектебин негиздеген. Түрдүү жанрдагы чыг-ларды — 14 опера («Демон», «Дмитрий Донской», «Нерон» ж. б.), 6 симфония, ораторий, муз. сүрөттөмө («Иван Грозный», «Дон Кихот»), фантазия («Россия»), фортепианолук чыг-лар, көп ыр, романстар жазган. Р-дин демилгеси м-н пианисттердин ж-а композиторлордун эл аралык конкурсу (Р. атн.) уюшулган (1890). Кыргыз опера ж-а балет театрында Р-дин «Демон» операсы коюлган (1955).



А. Г. Рубинштейн.

Ад.: Баренбойм Л. А., А. Г. Рубинштейн. Жизнь, артистический путь, творчество, музыкально-общественная деятельность, т. 1—2, Л., 1957—62.

РУБЛЁВ Андрей (1360—1370-ж. чен—1427, башка маалымат б-ча 1430-ж. чен, Москва, Андроников монастыры) — орус живописчиси. Москва живопись мектебин негиздөөчү. Р-дун көз карашынын калыптанышына 14-к-дын 2-жарымы—15-к-дын башындагы Москва Русунун улуттук моралы, рухий байлыгы чоң таасир тийгизген. Аның о. кылымдык иконография алкагындагы чыг-лары [«Апостол Павел», «Архангел Михаил» (экөө тең 14—15-к., Третьяков гал.) ж. б.] адамдык сезимдерди, ички дүйнөнүн ар түрдүүлүгүн, ой-пикирлердин терең маанисин ачып берүүгө умтулган. Ал ар бир образга өзүнчө мүнөздөмө берип, ошол аркылуу анын ички дүйнөсүнө, ой-пикирлерине, сезимдерине терең үңүлөт. Р. ошондой эле композициянын ритмдик уюштурулушуна, колорит ж-а линиянын ролуна өзгөчө көңүл бурган. Р. ошол доордогу башка живописчилерге караганда, адамдын ички дүйнөсүнө, анын ой-пикирлерине, сезимдерине терең үңүлөт. Р. ошондой эле композициянын ритмдик уюштурулушуна, колорит ж-а линиянын ролуна өзгөчө көңүл бурган. Р. ошол доордогу башка живописчилерге караганда, адамдын ички дүйнөсүнө, анын ой-пикирлерине, сезимдерине терең үңүлөт.



П. П. Рубенс. Автопортрет. 1638—40-ж. чендө. Вена сүрөттарых музейи.



А. Рублёв. Архангел Михаил. 15-к-дын башы.





1. Кофе жыйноо. 2. Пиретрум иштетүүчү завод.

дын сулуулук дүйнөсүнө ыктызарлыгы м-н адеп-ахлагынын күчүн көргөзгөн. 14-к-дын аягы — 15-к-дын башында (башка изилдөөлөр б-ча 1412 же 1427-ж. чен) Р. өзүнүн шедеври — «Үч периште» (Третьяков гал.) иконасын жараткан. Төгерек композициядагы периштелердин ортосундагы өз ара ,татуулук көгүш, күрөң, саргыч, кызгылт түстөрдүн байланышы м-н толукталган. Р. башка көп чыгардын автору. Анын чыг-лары ошол мезгилдеги орус ж-а дүйн. мад-ттын жог. деңгээлин түзөт. 1947-ж. Андроников монастырында Андрей Рублёв атп. Байыркы орус иск-восунун музейи ачылган.

Ад.: Алпатов М. В., Андрей Рублёв, М., 1959; Лаварев В. Н., Андрей Рублёв и его школа, М., 1966.

РУБРИКАЦИЯ (лат. rubrica — кызыл тамга м-н жазылган закондун аты) — бир система б-ча тигил же бул чыгарманын бөлүм, глава, параграф сыяктууларга бөлүнүшү. Терүүдө алар ар башка өлчөмдөгү түрдүү шрифтер м-н ажыратылат.

РУБРУК, Рубруквис Виллем (1215—20-ж. аралыгында — 1293) — фламанд саякатчысы, кечил. 1253—55-ж. француз королу Людовик IX Монголияга жиберген дипл. миссияны жетектеген. Р. Франциядан жөнөп, Константинополь, Палестина, Крым, Дон талааларын басып, азыркы О. Азия аймагы аркылуу Борб. Монголияга барган. 1254-ж. Каракорум ш-на жетип, Кавказ ж-а К. Азия аркылуу кайткан. Өзү барган аймактардын тарыхы, этнографиясы ж-а географиясы ж-дө маалымат берген.

Ад.: Путешествие в Восточные страны, в кн.: Карпини Дж., История монголов..., М., 1957.

РУБЦОВСК — РСФСРдин Алтай крайындагы шаар. Т. ж. станциясы. Калкы 157 миң (1979). Р. айыл чарба машиналарын куруучу ири борбор. Ата Мек. согуш жылдарында (1941—45) Алтай трактор ж-а а. ч. машина куруучу з-ддор курулган. Тракторго электр жабдуу, трактор жабдуу з-ддору ж. б. ишканалары бар. Алтай политех. ин-тунун кечки ф-тети, машина куруу техникум ж. б. окуу жайлары, драма театры бар. Р. 1927-ж. негизделген.

РУБ-ЭЛЬ-ХАЛИ—Араб ж. а-нын түш.-чыгышындагы кумдуу чөл. Тоо арасындагы тектоникалык чуңкурдукта. Аянты 650 миң *км*² (Жер шарындагы ири чөлдөрдүн бири). Жери түз, деңиз деңг. бийик. чыгышында 100—200 *м*; батышында 500—1000 *м*. Жеринин 80%тейин бархандарды (бийик. 150—200 *м*), жалчаларды ж-а массивдерди пайда кылуучу кум ээлейт. Чыгышында шор топуракту жерлер бар; кум арасында таштак түздүктөр да кездешет. Жылдык жаан-чачыны 50 *мм*. Туруктуу агын суулары жок. Кум жалчалардын ортосундагы ойдо жерлерде жантак, баялыш ж. б. өсүмдүктөр өсөт. Калкы негизинен арабдар; көчмөн; төө багуу м-н кесип кылышат. Р.-э.-Х-нин чет жакаларында оазистер бар.

РУДА — составында казып ж-а болуп алууга арзырлык металл же металл бирикмелери бар табигый минералдардын чогундусу. Р. металл ж-а металл эмес болуп экиге бөлүнөт. Металл эмес Р-ларга асбест, барий, күкүрт, графит, корунд, пьезокварц ж. б. кирет. Текстурасына (руданы түзүүчү минералдардын жайгашуусуна) карата массивдүү, жол-жол, алабула, тарамча, темгил, чачыранды, чыбыр чаар Р. болуп бөлүнөт. Структурасы б-ча бир өңчөй, текши эмес, оолит, порфир, бүртүкчөлүү Р. деп аталат. Үбөлөбөгөн тоо тектерде кездешсе — чулу; суу, көл, деңиз үбөлөгөн борпоң чөкмөлөрдө болсо чачынды Р. делет. Р. бир минералдан турса — мономинералдуу, баалуу бир нече минералдан турса полиминералдуу Р. деп аталат. Составындагы баалуу компоненттерге карай бай, орт., жарды Р. болуп айырмаланат. Жаратылышта пайда болуу шартына карай негизинен экзоген, эндоген ж-а метаморфоген Р-ларына ажыратылат. Р-нын иштетүүгө жарактуулугу технол. сыноолордон өткөрүү же салыштыруу жолу м-н аныкталат. Андагы баалуу компоненттердин минералдык запасы, саны, ыяндуу кошундулардын ыяны келтирбөөчү максималдык саны ө. ж-лык кондиция деп аталып, Р-ны иштетип чыгаруунун ырааттуулугун аныктайт.

Ад.: Магакьян И. Г., Рудные месторождения, 2 изд., Ер., 1961; Смирнов В. И., Геология полезных ископаемых, 2 изд., М., 1969.

РУДА КЕНДЕРИ — олчому, сапаты ж-а жер кыртышында жаткан шарты б-ча казып алууга арзырлык руда тулкулары. Р. к. жер кыртышын түзүүгө катышкан бардык геол. процесстерде пайда болушу мүмкүн. Руда пайда болуу процесси стадия ж-а этаптарга бөлүнөт. Ар бир стадияда руданын бир минералдык ассоциациясы болүнүп, алардын ортосунда тектоникалык тыным болот. Бир генезис процессине (мис., *Гидротерм кендери)* таандык бир нече стадия руда пайда болуунун этабын түзөт. Составындагы металлдардын түрлөрүнө жараша Р. к. кара, жеңил, түстүү, асыл, сейрек, радиоактивдүү металлдардын, о. эле чачынды элементтердин кендерине ажыратылат. Кара металлдардын Р. к-не темир, марганец, хром, титан ж-а ванадийдин кендери кирет. Бул кендердин эң ирилеринин запасы миллиарддаган тга жетип, металлдын олчому ондогон процент болот. Жеңил металлдардын Р. к-дерин алюминий кендери түзөт. Алюминий рудасынын басымдуу үлүшүн боксит берет. Түстүү металлдардын Р. к-не жез, коргошун м-н цинк, кобальт, никель, сурьманын кендери кирет. Эң ири кендеринин запасы ондогон *т*дан жүздөгөн *т*га жетип, металлдын олчому 10%ке чейин болот. Сейрек металлдардын Р. к-н калай, вольфрам, молибден, сыман, бериллий, тантал ж-а ниобийдин кендери түзүп, алардын эң ири запасы жүздөгөн миң *т*га жетет да, рудадагы металлдын олчому 10%тен ашпайт. Радиоактивдүү металлдардын Р. к-не уранды ж-а торийдин кендери кирет.

Ад.: Магакьян И. Г., Рудные месторождения, 2 изд., Ер., 1961; Смирнов В. И., Геология полезных ископаемых, 2 изд., М., 1969.

РУДА КЕНДЕРИ — олчому, сапаты ж-а жер кыртышында жаткан шарты б-ча казып алууга арзырлык руда тулкулары. Р. к. жер кыртышын түзүүгө катышкан бардык геол. процесстерде пайда болушу мүмкүн. Руда пайда болуу процесси стадия ж-а этаптарга бөлүнөт. Ар бир стадияда руданын бир минералдык ассоциациясы болүнүп, алардын ортосунда тектоникалык тыным болот. Бир генезис процессине (мис., *Гидротерм кендери)* таандык бир нече стадия руда пайда болуунун этабын түзөт. Составындагы металлдардын түрлөрүнө жараша Р. к. кара, жеңил, түстүү, асыл, сейрек, радиоактивдүү металлдардын, о. эле чачынды элементтердин кендерине ажыратылат. Кара металлдардын Р. к-не темир, марганец, хром, титан ж-а ванадийдин кендери кирет. Бул кендердин эң ирилеринин запасы миллиарддаган тга жетип, металлдын олчому ондогон процент болот. Жеңил металлдардын Р. к-дерин алюминий кендери түзөт. Алюминий рудасынын басымдуу үлүшүн боксит берет. Түстүү металлдардын Р. к-не жез, коргошун м-н цинк, кобальт, никель, сурьманын кендери кирет. Эң ири кендеринин запасы ондогон *т*дан жүздөгөн *т*га жетип, металлдын олчому 10%ке чейин болот. Сейрек металлдардын Р. к-н калай, вольфрам, молибден, сыман, бериллий, тантал ж-а ниобийдин кендери түзүп, алардын эң ири запасы жүздөгөн миң *т*га жетет да, рудадагы металлдын олчому 10%тен ашпайт. Радиоактивдүү металлдардын Р. к-не уранды ж-а торийдин кендери кирет.

Ад.: Магакьян И. Г., Рудные месторождения, 2 изд., Ер., 1961; Смирнов В. И., Геология полезных ископаемых, 2 изд., М., 1969; Котляр В. Н., Основы теории рудообразования, М., 1970.

РУДАКИ Абу Абдаллах (башка маалыматтар б-ча Абуль Хасан) Жафар (860-ж. чен, Панжрудак кыш., Тажик ССРи — 941, ошол эле жер) — тажик ж-а перс акыны. Перс поэзиясынын баштоочусу деп саналат. Жашынан эл ырчы ж-а музыкант-рапсод (балким, акын да) катары аты чыккан. Уламышка караганда, тубаса сокур болсо да, схоластикалык жактыз билим алып, араб тилин билген, 40 жылдай Бухара башчыларынын сарайындагы акындарды башкарып, чоң атак-данкка, дөөлөткө жетишкен. Өмүрүнүн акыркы жылдары куугунтукталып, ачарчылыкта өлгөн. Р-нин адабий мурасынан бизге 1000дей бейт (эки сап ыр) жеткен. Ал эми уламыш б-ча, 130 миңден ашык (же 1300 миңдей, мунусу ишенимсизирээк) эки сап ыр бар экен. Чыг-ларынан толук сакталгандары — «Шаран төркүнү» (933), «Карылык одасы» деген касыдалар ж-а 40тай *рубаи*. Р-нин ырларында адам акылына ишенүү, билимге, ак ниет болууга, турмушта активдүү жашоого үндөө мотивдери күчтүү. Ырлары лаконизми, поэтикалык каражаттарынын жөнөкөйлүгү м-н айырмаланат. Туулган айылында Р-ники деп божомолдонгон мүрзөго мавзолей курулган.

Чыг.: в рус. пер. — Стихи, М., 1964; Лирика, М., 1969.

Ад.: Мирзоев А. М., Рудаки. Жизнь и творчество, пер. с тадж., М., 1963; Тагирджанов А. Т., Рудаки. Жизнь и творчество, История изучения, Л., 1963.

РУДАКОВ Михаил Алексеевич (23. 5. 1907-ж. т., Пишпек, азыркы Фрунзе ш.) — эл агартуунун отличниги, Кыргыз ССРинин мектептерине эмг. сиң. мугалим (1948). 1946-жылдан КПСС мүчөсү. Кызматчынын үй-бүлөсүнөн. Кырг-н педагогика ин-тун сырттан окуп бүткөн (1940). Ата Мек. согушун катышуучусу (1941—42). 1925-жылдан элге билим берүү майданында. Фрунзе ш-ндагы А. С. Пушкин атн. № 5 кыргыз орто мектебинде 30 жылдан ашуун мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, директору болгон. 1951—61-ж. Фрунзе шаардык агартуу бөлүмүнүн башчысы. Ленин ордени, 2 «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. 1968-жылдан персоналдык пенсияда.

Чыг.: Из опыта работы с ученическими организациями в школе с интернатом, Фр., 1961; Школьная партийная организация и учительство, Фр., 1967; Химия эң сонун илим. Фр., 1964.

РУДАЛУУ ОБЛАСТЬ — ири тектоникалык түзүлүштөрдө (антиклинорий, синклинорий, ортоңку массивдер, щит, синеклиза, терең жаракалар ж. б.) жайгашкан, генезиси бирдей (же окшош) бир же бир нече руда кендери бар жер катмарынын бир бөлүгү. Бир нече рудалуу область биригип, рудалуу провинцияны түзөт. Р. о. бүктөлүү аймактардагы тектоникалык жаракалар м-н байланышта болуп, узунунан созулуп жаткан руда кырчоосун түзөт. Мындай руда кырчоосунун уз. ондогон *км*ден миңдеген *км*ге, туурасы бир нече *км*ден жүздөгөн *км*ге созулат. Эгер Р. о. кабат түрүндө, үзгүлтүксүз (бүтүндөй) бир аймакты ээлеп жатса, анда ал руда бассейни деп аталат (мис., *Кривой Рог темир рудалуу бассейни)*. Р. о. ж-а кырчоолор кендеринин белгилүү бир мезгилде пайда болушуна, геол. түзүлүшүнүн өзгөчөлүгүнө, тектоникалык процесстерине, ж. б. карай рудалуу райондорго, рудалуу талааларга ж-а рудалуу зоналарга бөлүнөт. Геол. ж-а геогр. түзүлүшү б-ча айырмаланган аймактагы, тигил же бул руда формациясында бирдей геол. ж-а хим.-физ. шарттарда пайда болгон, составы б-ча бир бирине жакын руда кендеринин топтолгон жери рудалуу район деп аталат. Рудалуу район геол. түзүлүшүнүн бирдейлиги, пайда болушунун жалпылыгы б-ча бириккен, аймактык жактан бири-бирине жакын жаткан руда кендеринин чогундусу — рудалуу талааларга бөлүнөт. Рудалуу талаалар геол. түзүлүшүнө, генезисине карата төмөндөгү топторго бөлүнөт: *магма кендери*, скарн кендери (к. *Скарн)*, *пегматит* кендери, *гидротерм кендери*, *метаморфоген кендери*, стратиформ кендери. Составында руда минералдары бар тарам, уя, линза түрүндөгү тоо тектердин узатасынан кеткен тилкеси рудалуу зона деп аталат.

Ад.: Смирнов В. И., Геология полезных ископаемых, 2 изд., М., 1969; Магакьян И. Г., Типы рудных провинций и рудных формаций СССР, М., 1969.

РУДАЛУУ ФОРМАЦИЯЛАР, к. *Рудалуу область*.

РУДАНЫ БАЙЫТУУ, кен байлыкты байытуу, пайдалуу казылмаларды байытуу — пайдалануугa же андан арыкы металлургиялык, хим. кайра иштетүүгө тех. мүмкүн ж-а экон. пайдалуу продуктуларды бөлүп алуу максатында катуу минералдык сырьёлорду иштетүүнүн алгачкы процесстеринин жыйындысы. Р. б-га минералдардын хим. составын, структурасын же агрегаттык абалын өзгөртпөстөн аларды бөлүп алуу процесстери кирет. Бул процесстер гидрометаллургия ж-а хим. кайра иштетүү методдоруна айкалышат. Көчүлүк учурда табигый кенден ж-а көмүрдөн түздөн түз пайдалуу компоненттерди бөлүп алуу экон. пайдасыз, кээде техниканын да кудурети жетпейт.

Р. б-нун жыйынтыгында негизги эки продукт алынат: концентрат ж-а



А. Рудаки.



Р. А. Руденко.

куйруктар. Кээ бир учурда (мис., асбестти же антрацитти байытканда) концентраттар куйруктардан негизинен минералдык белүкчөлөрүнүн ирилиги м-н айырмаланат. Эгерде кенде пайдалуу бир топ компонент болсо, андан бир канча концентрат алынат. Мис., Pb, Zn, Cu ж-а S минералы бар полиметалл рудасын байытуудан бул минералдарга карата коргошун, цинк, жез ж-а күкүрт концентраты, о. эле концентраттын түрдүү сорттору, кээ бир учурда комплекстүү концентрат алынат. Мис., жез-алтындуу же никель-кобальттуу. Металлургиялык процессте алардын компоненттери ажыратылат.

Р. б. кыйла ыраттуу операциялардын (байытуу схемасын түзүү) жардамы м-н ишке ашырылат. Адегенде руда байытуу процесстеринин ж-а аппараттарынын талабына ылайык талкаланат ж-а майдаланат. Материалды 20—30 *мм*ге чейин талкалоодо атайын талкалагычтар, ото майдалоодо тегирмендер колдонулат. Керектүү ириликтеги продуктуларды бөлүп алууда ири калбырлар, ал эми майдаларында классификатор пайдаланылат. Минералдардын физ. ж-а физ.-хим. касиеттерин колдонуу м-н кен байытылат. Кен кесектеринин сыртқы айырмачылыктары б-ча түсүн ж-а жаркырактыгын талдоодо автомат аппараттар колдонулат. Минералдардын табигый ж-а багытталган радиоактивдүүлүгүнүн айырмасы—радиометриялык байытуунун негизинде болот. Ар кыл тыгыздыктагы минерал белүкчөлөрүнүн сууда же абада гравитациялык же борбордон четтөөчү күчтөрдүн таасирине түрдүү ылдамдыкка ээ болушу гравитациялык байытуунун түрдүү методдорун пайда кылды. Минералдардын магнит кабылдоосунун түрдүүлүгүнө карата аларды магнит сепарациясында, ал эми электр касиеттери ар кыл минералдар электр сепарацияда ылганат. Азыркы учурда гравитациялык ж-а флотация методдору кеңири тараган.

Ад.: Полькин С. И., Обогащение руд и россыпей редких металлов, М., 1967; Прейгерзон Г. И., Обогащение угля, 2 изд., М., 1969; Глембоцкий В. А., Классен В. И., Флотация, М., 1973.

РУДАНЫ ЧЫГАРУУ — жардыргыч заттар м-н камералардын ичинде майдаланган руданы чыгаргыч түзүлүш аркылуу чубуртуп алуу. Руданы думпкарга, өзү түшүргүч автомобилге, конвейерге жүктөп берүүдө да руда чыгаргыч түзүлүш колдонулат. Руданын кесектиги, нымдуулугу ж-а руданы түзүүчү минералдардын физ. касиеттери, о. эле руда чыгаргыч түзүлүштүн конструкциялык олчомдору Р. ч-да негизги роль ойнойт.

РУДА ТУЛКУСУ — түрдүү формадагы руда чогундусу. Р. т. м-н анын тегерегиндеги тоо тектердин чек арасы билинбей акырындык м-н же кескин өзгөрөт. Р. т. формасы б-ча изометр, жалпак ж-а созулма болуп үч топко бөлүнөт. Изометр формасындагы Р. т.— бардык тарабына болкол м-н бирдей созулуп жаткан минерал заттарынын чогундусу (мис., шток, штокверк түрүндөгү рудалар). Жалпак формасындагы Р. т-на кабат, тарам, линза түрүндөгү рудалар кирип, алардын эки тарабы узак созулуп, бир жагы кыска келет. Созулма Р. т. түтүк сымал рудалардан турат (мис., Сибирь ж-а Түш. Африкадагы кимберлит түтүктөрү).

РУДА ЭМЕС КЕН БАЙЛЫКТАР — курулуш ж-а ө. ж. тармактарына табигый түрдө же мех., термдик ж-а хим. жол м-н кайра иштеп чыккандан кийин пайдаланылуучу минералдар, к. *Металл эмес кендер*.

РУДЕНКО Роман Андреевич [17(30). 7. 1907-ж. т., Носовка кыш., азыркы Чернигов обл.] — сов. юрист, СССРдин Ген. прокурору, юстициянын мамл. советниги, Соц. Эмг. Баатыры (1972). 1926-жылдан КПСС мүчөсү. Кедей дыйкан үй-бүлөсүнөн. Москва укук мектебин ж-а Бүткүл союздук укук академиясына каратуу жог. курсту (1941) бүткөн. Прокуратура органдарында 1929-жылдан иштейт. 1944—53-ж. УССР прокурору, 1953-жылдан СССРдин Ген. прокурору. КПСС БКга мүчөлүккө кандидат (1956), мүчө (1961). КПССтин 18—25-съездеринин делегаты. СССР Жог. Советинин (3—10-шайл.) депутаты. 1945—46-ж. Нюрнберг процессинде башкы айыптоочу. Гумбольдт атн. ун-ттин (1960) ж-а Карл (Прага) университин (1966) укук илимдер б-ча ардактуу доктору. Алты Ленин ордени, Октябрь Революциясы, Эмгек Кызыл Туу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

«РУДЕ ПРАВО» — күн сайын чех тилинде чыгуучу газета. 1921-жылдын 18-майынан Чехосл-я коммунисттик партиясынын (ЧКП) органы. Чехосл-я с.-д. жумушчу партиясынын сол тарабынын органы катары 1920-ж. 21-ноябрда негизделген. «Р. п.» м-н бирге кечки сандары «Руде право — вечерник» (1920—28), «Руди вечерник» (1928—34) ж-а айылдык саны «Руде зарж» (1922—36) чыгарылган. Бурж. Чехосл-я реси-касында «Р. п-го» нечен жолу тыюу салынып, конфискацияланган (1920—38-ж. 5637 саны). Чехосл-яны фаш. Германия оккупациялаган мезгилде (1938—45) «Р. п.» жашырын, 1945-ж. 6-майдан ачык чы-



Н. М. Рудь.



Ф. Д. Рузвельт.



Н. Н. Рукавишников.

га баштаган. Прагада чыгат, тиражы 850 миң (1975); ишембиде 1 млн 80 миң тираж м-н (1975) чыгып, ал «Гало собота» тиркемеси м-н кошо таратылат. Газета ордендер м-н сыйланган. «Р. п.» негизделген күн ЧССРде басма сөз, радио ж-а телекөрсөтүү күнү катары белгиленет.

РУДЗУТАК Ян Эрнестович [3(15). 8. 1887, Курляндия губ., Гольдинген у., Цаури кыш. — 29. 7. 1938] — сов. мамлекеттик ж-а парт. ишмер. 1905-жылдан Компартия мүчөсү. Жалчының үй-бүлөсүнөн. 1904-жылдан Ригада жумушчу, 1906-жылдан РСДРП Рига комитетинин мүчөсү. 1907-ж. июнда камалып, 1909-ж. аскер соту 15 жылдык сүргүнгө кескен. 1917-жылдагы Февр. рев-ясынан кийин токуучулар союзунун Бүткүл россиялык Борб. советинин президиум мүчөсү ж-а секретары. Окт. рев-ясынын катышуучусу. 1917—20-ж. Москва ал чарба советинин пред-ли, ВЦСПСтин Президиум мүчөсү ж-а ген. секретары, 1922—24-ж. РКП(б) БКнын О. Азия бюросунун пред-ли. 1922-ж. Генуя конф-ясына сов. делегация составында катышкан. 1923—24-ж. РКП(б) БКнын секретары. 1924—30-ж. СССР жол катнаш эл комиссары. 1926—37-ж. СССР ЭКСтин, СССР эмгек ж-а коргоо советинин пред-лине орун басар. Өлкөнүн индустриялаштыруу ж-а капиталдык курулуш иштери б-ча жетекчилеринин бири. 1928-жылдан ЭКСке каралтуу СССР ал чарбасын химиялаштыруу б-ча комитеттин пред-ли. 1931-ж. октябрда ВКП(б) Борб. контроль комиссиясынын пред-ли ж-а СССР Жумушчу-Дыйкан Инспекциясынын эл комиссары болуп дайындалган. Партиянын 9—17-съезддеринин делегаты. 1920-жылдан БКга мүчө. 1923—24-ж. БКнын Саясий бюро мүчөлүгүнө кандидат ж-а БКнын Уюштуруу бюросунун мүчөсү, 1926—32-ж. БКнын Саясий бюросуна мүчө. 1934-ж. ВКП(б) БКнын Саясий бюросунун мүчөлүгүнө кандидат. СССР БАКтын ж-а ББАКтын мүчөсү.

РУДИМЕНТ ОРГАНДАР, рудименттер (лат. rudimentum — баштапкы негиз) — организмдин тарыхый өөрчүү процессинде өзүнүн негизги функциясын жоготкон органдар. Ал түйүлдүктүн өсүшүндө пайда болуп, толугу м-н өөрчүбөйт. Айбанаттын Р. о-ына куштардын шыйрагынын кичине жилинчик сөөгү, үңкүрдө жашоочу айрым жаныбарлардын көзү ж. б. кирет. Кишинин Р. о-ына чычан омурткалар, денедеги түктөр, сокур ичеги (аппендикс) ж. б. мисал болот. Айрым учурда Р. о. толугу м-н өсүп жетилет, к. *Атавизм*.

РУДНЕВ Лев Владимирович [1(13). 3. 1885, Новгород — 19. 11. 1956, Москва] — сов. архитектор. Петербург САны (Л. Н. Бенуадан таалим алган) бүткөн (1915). Ленинград САнын (1922—48), Москва арх-ра ин-тунун проф. (1948—52). Көбүнчө при монументүү имараттарды салган: М. В. Фрунзе атн. Аскер академиясынын имараты (1937); маршал Шапошников көчөсүндөгү (1934—38) ж-а Москванын Фрунзе жээгиндеги админ. имарат (1938—55, үчөө тең арх. В. О. Мунц м-н бирге), Москвадагы Ленин тоосундагы ун-т комплекси (арх. С. Е. Чернышёв, П. В. Абросимов, А. Ф. Хряков ж. б. м-н бирге; 1949—53, долбоору үчүн СССР мамл. сыйлыгын алган, 1949). Үч орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Архитектор Руднев, М., 1963.

РУДНИК — рудаларды, курулуш материалдарын, хим.-тоо-кен сырьёлорун ж. б. кен байлыктарды жер астынан казып чыгаруучу тоо-кен ө. ж. ишканасы. Ал жер бетиндеги курулмаларды м-н кошумча цехтери (талкалагыч, байытуу фабрикасы, электр-мех., ремонттук ж. б.) жалпы болуп, өзүнө ачылган ж-а айрым иштетилүүчү казмасы бар өз алдынча иштөөчү бир нече шахтаны ичине алышы мүмкүн. Кээде рудаларды ачык жол м-н казып алуучу ишкана да Р. деп эсептелет (мис., Магнитогорский Р-и). Р-тин ө. ж. кубаттуулугу канчалык чоң болсо, ал ошончолук үнөмдүү болот. Дүйнөдө эң чоң кубаттуу (27 млн т) Р. — «Кируна» (Швеция). СССРдеги эң чоң Р-тор: Ф. Э. Дзержинский атн. Р. (Кривбасс, 12,1 млн т), «Гигант» шахтасы (7,0 млн т), Солегорск калий Р-и (11,0 млн т) ж. б. СССРдеги Р-тердин тереңд. 1 км-ге чейин жетет, мис., Ленин атн. Р. (Кривбасс), Октябрь Р-и (Норильск) ж. б. Кырг-ида Хайдаркен, Улуу-Тоо, Кадамжай, Сумсар ж. б. Р-тер бар.

РУДНЫЙ — Каз-ндын Костанай облындагы шаар. Тобол д-нын сол жээгинде. Т. ж. станциясы. Калкы 109 миң (1979). 1957-ж. темир рудасы казып алына баштап, Соколов-Сарбай тоо-кен байытуу комбинаты курулганда Р. пайда болгон. Тамак-аш о. ж. ишканалары иштейт. Казак политех. ин-тунун филиалы, индустр. техникум, муз. ж-а пед. окуу жайлары бар.

РУДОЛЬФ — Чыгыш Африкадагы мала туздуу туюк көл, Кенияда. Тектоникалык чуңкурдукта деңиз деңг. 375 м бийикте жайгашкан. Уз. 220 км, туурасы 50 км-ге чейин, аянты 8,5 миң км². Тереңд. 73 м-ге чейин. Колго при Омо д. ж-а мезгил-мезгили м-н соолуп калуучу суулар (Теркуэлд, Керио ж. б.) куят. Түш. четинде аракеттеги Телеки жанар тоосу жайгашкан. Көлдө балыктын 40 түрү, крокодил, бегемот бар. Балык кармалат.

РУДОЛЬФ АРАЛЫ, Рудольф Жери — Франц Иосиф Жери архипелагынын эң түндүгүндө жайгашкан арал. Аянты 297 км²-ге жакын. Негизинен кумдук ж-а базальт тоо тектеринен түзүлгөн. Бүт аянты муз калканы м-н дээрлик капталган. Жээктери тик, аскалуу. Аралды арктика изилдөөчү Ю. Пайер австриялык мурасчы принцтин ысмынан атаган.


РУДЬ Николай Михайлович (1922-ж. т.) — Сов. Союз. Баатыры (1944), лейтенант. 1944-жылдан КПСС мүчөсү. Чкалов атн. учкучтар окуу жайын бүткөн (1942). Ага Фрунзе ш-дык аскер комиссариатынан жиберилген. Улуу Ата Мек. согушта 1-Белорус фронтунун 745-бомбалоочу авиац. полкунун 1-эскадрильясында учкуч. Сталинград, Түш.-Батыш, Борб. ж-а Белорус фронтторунда салгылашкан. Бардыгы 300дөн ашуун согуштук учуш жасаган. СССРдин ж-а анын чегинен тышкары жерлерде душмандын адам күчүн ж-а техникасын талкалоодон, маалымат чогултканы үчүн ж-а башка ыктар менен Р. 1944-ж. 19-июнда Советтер Союзунун Баатыры наамы ыйгарылган. Согуштан кийин Москва жанындагы заводдордун бирин башкарган.

Ад.: Санников В., Семенков В., Родинанын данкы үчүн, Фр., 1970.

РУЖИЧКА РЕАКЦИЯСЫ — алифаттык дикарбон к-таларынын торий, иттрий же церий туздарын ажыратуу жолу м-н кетондорду алуу методу. Бул реакцияны 1926-ж. швейцариялык химик-органик Л. Ружичка ачкан.

РУЗВЕЛЬТ Франклин Делано (30. 1. 1882, Нью-Йорк штаты, Хайд-Парк — 12. 4. 1945, Жоржия штаты, Уорм-Спрингс) — АКШнын мамл. ишмери ж-а президенти (1933—45). Биримдүү б-ча юрист. Гарвард ж-а Колумбия ун-ттеринде окуган. 1907—10-ж. юрк фирмасында иштеп, 1910-ж. Нью-Йорк штатынын сенатына шайланган. 1913—20-ж. деңиз министрлигинин жардамчысы. 1920-ж. АКШнын вице-президенттигине кандидат. 1921-ж. катуу ооруга (полиомиелит) чалдыккандыктан карабай, Демокр. партиянын жетекчи иштеринде коркунучтуу роль ойногон. 1928-ж. Нью-Йорк штатынын губернатору, 1932-ж. АКШнын президенти болгон. Р. АКШнын тарыхында 1-жолу м-н кетондорду алуу методу.





лу 4 ирет президенттикке шайланган (1933, 1936, 1940, 1944). Ал ички саясатында АКШда капит. системаны сактоого багытталган «Жаңы багыт» деп аталган реформаларды жүргүзгөн. Тышкы саясатында реалисттик ой жүгүртүүчү мамл. ишмер катары 1933-ж. СССР м-н дипл. мамиле түзүп, Латын Америкасы өлкөлөрүндөгү экспансиянын формасын өзгөрткөн. Экинчи дүйн. согушта антигитлердик коалицияны түзүүгө ж-а чыңдоого зор салым кошкон. Р. согуштан кийин да СССР м-н АКШнын кызматташтыгынын өсүшүнө зор маани берген.

Лит.: Яковлев Н. Н., Ф. Рузвельт — человек и политик, М., 1965.

РУКАВИШНИКОВ Николай Николаевич (18. 9. 1932-ж. т., Томск) — СССРдин учкуч-космонавты, эки жолу Сов. Союз. Баатыры (30. 4. 1971; 11. 12. 1974), БЭРдин Баатыры (13. 4. 1979). 1970-жылдан КПСС мүчөсү. 1957-ж. Москва инженер-физ. ин-тун бүткөн. 1967-жылдан космонавттар отрядында. 1971-ж. 23—25-апрелде (В. А. *Шаталов* ж-а А. С. *Елисеев* м-н бирге) космоско учкан «Союз-10» космос кемесинин инженер-сыноочусу. 1974-ж. 2—8-декабрда А. В. *Филипченко* м-н бирге «Союз-16» космос кемесинде борт инженер болуп космоско учкан. Кеме 5 сутка 22 с 24 *мүнөт* Жерди 97 жолу айланып чыккан. Р. сов.-амер. программа б-ча түзүлгөн ж-а «Аполлон» космос кемелерин космостогу аштыкын биригишүү сыноосун жүргүзүүгө катышкан. 1979-ж. 10—12-апрелде БЭРдин космонавт-изилдөөчүсү И. Г. Иванов м-н бирге «Союз-33» космос кемесинин командири Р. космосто болгон. Төрт Ленин ордени м-н сыйланган.

РУМЕЛИЯ — Византияны осмон түрктөрү басып алгандан кийин Балкан ж. а-ндагы өлкөлөр кирген провинциянын түркчө аталышы. 1864—66-ж. Румелия эялети бир нече вилайеттерге бөлүнүп, анын «Р.» деген официалдуу аталышы колдонулбай калган. Берлин трактаты (1878) б-ча Болгариянын Осмон империясынын составында калтырылган түш. бөлүгү Чыгыш Р. деп аталган. Айрым учурларда Турциянын европ. бөлүгү (Чыгыш Фракия) да Р. деп аталат.

РУМЫНДАР (өздөрүн română дешет) — улут, Румыниянын негизги калкы. Жалпы саны 19 млн адам (1975). Р. СССР, Югославия, Венгрия, АКШ, Канада ж. б. өлкөлөрдө да жашайт. *Румын тилинде* сүйлөшөт. Динге ишенгендеринин көбү православныйлар, арасында протестанттар да бар. Р. байыркы Рим провинцияларындагы романдашкан уруулардан, эркин дакийлерден ж-а славяндардан курашкан. Бул татаал этностук процесс б. з. 1—2-миң жылдыктарынын ортосунда чыгыш роман элинин ж-а роман тилинин калыптанышы м-н аяктайт. Ошол мезгилде Румыниянын аймагында феод. алгачкы мамлекеттер түзүлгөн. Капит. мамилелердин өнүгүшү ж-а румын жерин бир мамлекетке бириктирүү м-н румын улуту түзүлгөн. Румынияда элдик демокр. түзүлүш орногондон кийинки кайра куруулардын жүрүшүндө Р. соц. улутка айланган.

Лит.: Народы Зарубежной Европы, ч. 1, М., 1964.

РУМЫНИЯ, Румын Социалистик Республикасы (РСР) — Европанын түш. бөлүгүндөгү мамлекет.



Дунайдын төмөнкү агымынын алабында жайгашкан. Чыгышын Кара деңиз чулгайт. СССР, БЭР, ЮСФР, ВЭР м-н чектешет. Аянты 237,5 миң км². Калкы 21,8 млн (1977). Борбору — Бухарест ш. (калкы 1807 миң, 1977). Админ. жактан 39 уездге ж-а Бухарест муниципиясына бөлүнөт.

Мамлекеттик түзүлүшү. Р.—соц. мамлекет, респ-ка. Азыркы конституциясы 1965-ж. 21-августта күчүнө кирген (1968—75-ж. өзгөртүү киргизилген). Мамлекет башчысы — президент. Ал куралдуу күчтөрдүн жог. башкы командачысы, Мамл. советтин ж-а Коргоо советинин пред-ли. Мамл. бийликтин жог. ж-а закон чыгаруучу органы — бир палаталуу Улуу Улуттук чогулуш. Бардык граждандар 18 жаштан шайлоого укуктуу. Өкмөтү — Мин. Совети. Мамл. бийликтин жерг. органдары — элдик советтер. Элдик советтер борбордо ж-а уезддерде — аткомду, аймактарда—аткаруу бюросун түзөт. Сот системасына Жог. сот, уезддик, жерг., аскер соттору кирет. Мамл. гербин ж-а мамл. желегин к. *Мамлекеттик герб, Мамлекеттик желек* макалаларынын таблицасынан.

Табияты. Аймагынын жарымына жакынын орто бийик тоолор (бийикт. 800 *м*ден жогору), адырлуу же плато сымал дөңсөөлөр (200—800 *м*) ээлейт; калган бөлүгү ойдуңдуу. Карпат тоолору Р-нын аймагында Чыгыш Карпат, Түш. Карпат, Батыш Румын тоолоруна бөлүнөт. Чыгышын Молдаван дөңсөөсү, түш.-чыгышын Добружи платосу ээлейт. Карпаттын түш. этегинде төмөнкү Дунай түздүгү, өлкө-




Батыш Румын тоолору.

нүн батышында Орто Дунай дөңсөөсүнүн чыгыш чети жатат.

Р-нын аймагы алыс геосиниклиналь (бүктолүү) областынын түн. тармагына кирет. Кен байлыктары: нефть, газ, таш көмүр, темир, боксит, полиметалл, жез, алтын, таш туз ж. б. Климаты мелүүн континенттик. Январдын орт. темп-расы 0°Сден —5°Сге чейин, июлдуку 20°—23°С. Жылдык жаан-чачыны тоолордо 800—1500 *мм*, түздүктөрдө 600—700 *мм*, батышында 300—400 *мм*. Ири дарыялары — Дунай, Прут, Муреш ж-а Дунайдын куймалары — Жиу, Олт, Аржеш, Яломица, Сирет. Суулары энергияга бай. Көлдөру: Потелу, Гряка, Кэлэраши, Братеш, Разелм ж. б. Р-нын ойдуң жерлеринде негизинен — кара, дарыя өрөөндөрүндө — шалбаалуу-кара, Дунайдын жайылмасында — саздак, боксе тоолор м-н бийик платолордо — боз ж-а күрөң-токой, андан жогору шалбаалуу-тоо топурактары басымдуу.

Аймагынын $^1/_2$ бөлүгү айдоо, 26% токой (бук, четин, калина, долоно, карагай, пихта, мырза карагай, кызыл карагай ж. б.). Жаныбарлардан карышкыр, түлкү, сүлөөсүн, суусар, кашкулак, коён, тыйын чычкан, тоо эчки; тоо сууларында форель, ха-



Дунай д-нын дельтасы.

рпус; канаттуулардан туйгун, бүркүт, тоодак, безбелдек ж. б.; балыктардан осётр, белуга, севрюга, стерлядь ж. б. бар.

Калкы. Элинин көбү румын (88%, 1977). Алардан башка венгр, немец, цыган, еврей, украин, серб, орус ж. б. улуттар жашайт. Динге ишенгендери — православныйлар. Орт. жышт. 1 км² жерге 91 киши (1977). Шаар калкы 42,7%, анын 17,4% Бухаресте. Ири шаарлары: Бухарест, Клуж-Напока, Тимишоара, Яссы, Брашов, Галац, Крайова, Констанца, Плоешти.


Тарыхы. Р. аймагын адам төмөнкү палеолит доорунан мекендеген. Аның азыркы аймагындагы кул ээлик Дакия мамлекетин Рим б. з. 2-к-ның башында басып алып, жерг. элдин катуу каршылыгына карабастан 271-жылга чейин үстөмдүгүн сактаган. 3-к-дын акырында Дакияга готтор ж-а гепиддер, 4—6-к-да гуннидар, аварлар, 6—7-к-да румын элинин ж-а тилинин пайда болушуна чоң таасир тийгизген славян уруулары басып кирген. 9—10-кда Р-нын басымдуу болгүү 1-Болгар падышалыгының, 10—11-к-да Р-нын түн.-чыгыштагы аймагынын бир болгүү Байыркы Русь мамлекетинин, ал кулаган соң Галиция-Волынь княздыгынын соста-

вына кирген. 10—13-н-дагы алгачкы румын князьдыктарынан 14-н-да көз карандысыз Валахия ж-а Молдова, 16-н-да Трансильвания мамлекеттери түзүлгөн. Аларды 16-н-да Осмон империясы караткан. 16-н-дын аягында Валахиянын башкаруучусу Михай Храбрый өлүмүн колдоосуна таянып, түрк аскерлерин талкалап, Валахия, Молдова ж-а Трансильванияны биригтирген. Бирок ал көп узабай кайрадан түрктөрго баш ийген. Түрктөрдүн үстөмдүгү князьдыктардын экономикасын начарлатып, өндүргүч күчтөрүнүн өнүгүшүнө тоскоол болгон. 17-н-дын башында Трансильвания түрктөрдүн үстөмдүгүнөн бошогону м-н, 1688-ж. Габсбургдардын өлгичине өткөн (аның составында 1918-жылга чейин болгон). Анда улуттук өзүгө каршы 1787-ж. Н. Хорий, Й. Клошка, Г. Кришан баштаган дыйкандардын антифеод. ири көтөрүлүшү чыккан [к. *Трансильваниядагы дыйкандар көтөрүлүшү (1784—85)*]. Валахия м-н Молдовадагы өл массасынын антифеод. күрөштөрүн украин, орус өлдери колдогон. Алар да өз кезегинде польшалык шляхталардын өзүгүнө каршы украин өлүнүн бошт. күрөшүнө жардам берген. 18—19-н-дагы орус-түрк согуштары Валахия м-н Молдовадагы түрк бийлигин бошондоткон. 19-н-дын 20—50-жылдарындагы акча-товар ж-а капит. мамилелердин өнүгүү шартында улуттук-бошт. күрөш күч алган. 1821-ж. Валахия м-н Молдовада Т. Владимирескунун жетектеген улуттук-бошт. ж-а антифеод. күрөш орус-түрк согушун (1828—29) жыйынтыктаган. *Адрианополь тынчтык келишими* (1829) б-ча эки князьдыкка тең автономия берилген. Ушундан кийин Молдова м-н Валах өлдөрүнүн экон., маданий ж-а тилдик жалпылыкка негизделген байланышы чыңдала баштаган. Эки князьдыктын биригүүгө умтулуу 1848-жылдагы бурж.-демокр. рев-ндан кийин өзгөчө күчөп, алар Түркиянын ж-а европ. бир катар мамлекеттердин тоскоолдугуна карабастан 1859-ж. бир мамлекетке баш кошкон. Мамлекетти башкарууга А. И. Куза шайланган. Ал мамлекет 1861-жылдан Румыния деп аталып, 1862-ж. Бухарестте өткөн бирдиктүү улуттук чогулушта бир өкмөт түзүлгөн. 1864-ж. агрардык реформа ж-дө декрет кабыл алынган. Ал помещиктердин нааразылыгын күчөткөнү м-н дыйкандарды да жарыткан эмес. Реформага нааразы боярлар м-н реакциячыл буржуазия 1866-ж. А. И. Кузаны бийликтен кулатып, такка Гогенцоллерндер династиясынан князь Карлды (Король I) койгон. Ал ошол өле жылы помещиктер м-н капиталисттердин мүдөөсүн канааттандырган конституция кабыл алган. 1878-ж. Россиянын орус-түрк согуштарында (1877—78) Россия тарабында согушкан. Р. бул согуштун жеңишинин натыйжасында толук көз карандысыздыкка жетишип, 1881-ж. Румын короллдугу деп жарыяланган.

Р-ның боштондукка жетиши өлкөнүн экон. өнүгүшүнө шарт түзгөн. 1890—1900-жылдары т. ж. курулушу, нефть, таш көмүр казып алуу кеңири кулач жайган. Бирок экономиканы башкаруу чет өлкөлүктөрдүн колунда калган. Феод. калдыктар а. ч-да капит. мамилелердин өнүгүшүнө тоскоол болгон. Капит. мамилелердин ж-а өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүнүн натыйжасында жумушчулар м-н дыйкандардын рев-ячыл күрөшү күчөп, 1893-ж. Р. жумушчуларының с.-д. партиясы (РЖСДП) түзүлгөн, бирок аны оппортун. элементтер жетектеген.

1905—07-ж. тап күрөшү курчуган шартта ж-а орус рев-ясынын таасиринен улам Р-да массалык рев-ячыл кыймыл кеңири тараган. 1907-ж. башталган дыйкандардын чоң көтөрүлүшү өлкөнү бүт кучагына алган. Ал аёсуз басылып, 11 миң адам курман болгон. Р. 1913-ж. 2-Балкан согушуна катышып, Болгариядан Түш. Добруканы алган. Р. биринчи дүйн. согушта (1914—18) Антанта тарабында согушкан (1916-жылдан). Ага 1918-ж. Трансильвания бириккен. Бурж. помещиктик Р. Антантанын түртүсү м-н Сов. Россияга интервенция баштап, Бессарабияны, ошол өле жылы украиндер жашаган Буковинаны басып алган (Р. алар-ды 1940-жылга чейин законсуз өзөлөп турган).

Биринчи дүйн. согуш м-н Улуу Окт. соц. рев-ясынын таасиринен улам социалдык карама-каршылык курчуганда Р-дагы рев-ячыл толкундоолор армия м-н флотко да жайылган. 1921-ж. 8-майда *Румыния коммунисттик партиясы (РКП)* негизделген. Өл массасынын кысымы м-н бурж. өкмөт өркестерге жалпы шайлоо укугун берүү (1918-ж. 16-декабрдагы декрет), чектелген агрардык реформа өткөрүү (1921), граждандарга тең укуктуулукту формалдуу түрдө жарыялаган жаңы конституция кабыл алуу (1923) сыяктуу либералдык кээ бир реформаларды жүргүзүүгө аргасыз болгон. Бирок реакция кайра жанданып, 1924-ж. РКПге тыюу салынып, 1924-жылдагы Татарбунар көтөрүлүшүнө катышкандарды аёосуз жазалаган (3 миң адам өлтүрүлгөн). Өкмөт Р-да 1928-ж. башталган экон. кризистин кыйынчылыктарын жумушчулар м-н дыйкандарга жүктөөгө аракеттенген. 1929-жылдагы Лупени ш-ндагы шахтёрлордун ири иш таштоосун өкмөт ырайымсыздык м-н баскан. 30-жылдары жумушчулардын иш таштоолорун РКП жетектеген. 1933-жылдагы Георгиу-Деж баштаган темир жолчулар м-н нефтичилердин иш таштоосу фашизмге каршы пролетариаттын күчүн даңазалап, компартиянын ролун ж-а анын өмгекчилер м-н байланышынын чыңдалганын көрсөткөн. Кийинки жылдары Р-нын өмгекчилери партиянын жетекчилиги м-н социалдык талаптар үчүн, экон. жактан чет өлкөгө көз карандылыкка, өкмөттүн антисов, тышкы саясатына каршы күрөшкөн. Кеңири антифаш. фронт түзүү кыймылы күчөгөн. Башкаруучу чөйрөлөр фаш. күчтөр м-н келишип, 1938-ж. февралда королдук диктатураны орнотуп, өлкөдө бардык саясий партиялар, профсоюздар таркатылган. 1940-ж. августта бурж.-помещиктик өкмөт өлкөнүн улуттук кызыкчылыгына чыкынчылык кылып, гитлердик Германиянын Веналык арбитраж (1938 ж-а 1940) деп аталган шарттарын кабыл алган. Ал б-ча Р. хортисттик Венгрияның пайдасы үчүн Трансильваниянын түндүгүнөн баш тартып, анын бул жоготуусун сов. аймактын эсебинен толуктоого Гитлер убада берген. 1940-ж. сентябрда генерал И. Антонеску башында турган фаш. диктатура орнош, 1941-ж. СССРге каршы согушка кирген. Антисов. согуштун жүрүшүндө компартия массаны фаш. режимди кулатууга чакырып, 1943-ж. Патриоттук антигитлердик фронт түзгөн. Сов. Армиянын жеңиштүү чабуулу учурунда компартия өлдик көтөрүлүш уюштурган. Натыйжада 1944-ж. 23-августа И. Антонескунун диктатурасы кулатылып, Р. гитлердик Германияга каршы чыккан. 1945-ж. 6-мартта компартия жетектеген өл массасынын күрөшүнүн натыйжасында башында П. Гроза турган демокр. өкмөт түзүлүп, андагы жетекчиликти жумушчулардын табы жүргүзгөн. Бул өкмөт 20-мартта помещиктик жер өзөлөөнү биротоло жойгон. 1945-ж. октябрда өлкөнүн өнүгүү жолун белгилеген улуттук конф-я откорулгон.



Бухарест. Советтик жоокерлерге эстелик.


1945—46-ж. өкмөт мамлекетти демократташтыруу жүргүзгөн. 1947-ж. монархия кулатылып, Румын Эл Респ-касы (РЭР) жарыяланган. Мамл. бийлик башында компартия турган жумушчу табынын лупа өткөн. 1948-ж. 4-февралда Р. м-н СССР ортосунда достук, кызматташтык ж-а өз ара жардамдашуу ж-дө келишим түзүлгөн. 1948-ж. РКП м-н Р-ның с.-д. партиясынын жумушчу партиясына (РЖП) бириккен. 1948-ж. 11-июнда Улуу Улуттук чогулуш Р-ның конституциясын кабыл алып, өлкөдө соц. кайра куруулар башталган. 1950—60-жылдардын аралыгындагы беш жылдык пландарды пайдаланууну аткарып, индустриялуу-агрардык өлкөгө айланган. Р. 1949-жылдан СЭВдин, 1955-жылдан *Варшава договору үюмунун* катышуучусу ж-а ООНдун мүчөсү.

1962-ж. РЖПнин 9-съезди өлкөдө соц. курулушту аяктоо милдетин койгон. Съезд партиянын жаңы уставын ж-а РЖПни Румыния коммунисттик партиясы (РКП) деп атоо ж-дө чечим кабыл алган. 1969-ж. РКПнин 10-съезди өмгекчилерди өнүккөн соц. курулушту кеңири жайылтууга багытталган. 1974-жылдагы РКПнин 11-съезди «РКПнин ар тараптан өнүккөн соц. коомду куруу жана Р-ның коммунизмге карай кыймылынын программасын», о. өле өлкөнүн өл чарбасын 1976—80-жылдарда өнүктүрүүнүн беш жылдык планын бекиткен.

Р. өл аралык аренада соц. башка өлкөлөр м-н бирдикте тынчтыктын ж-а өл аралык тилектештиктин саясатын жүргүзөт. Р. 1974-ж. 119 мамлекет м-н дипл. мамиле түзүп, 130дан ашык мамлекет м-н экон., маданий байланышта.

Румыния коммунисттик партиясы, профсоюздары жана башка коомдук уюмдары. Румыния коммунисттик партиясы (РКП), 1921-ж. негизделген. Ал 1948-ж. С.-д. партия м-н биригип, Румыния жумушчу партиясы (РЖП) деп түзүлгөн (1965-жылдан кайрадан РКП аталган). Конституцияга ылайык РКП — коомдук башкаруучу күч. Румыния профсоюздарынын жалпы биримеси (РПЖБ). Коммунисттик жаштар союзу (КЖС), А. ч. өндүрүш кооперацияларынын улуттук союзу. СССР м-н достук байланыштарды румын коому. Соц. биримдик фронту (СБФ). Бул Р-ның РКП баштаган бардык саясий ж-а коомдук күчтөрүн бириктирген уюм.

Экономикасы. Соц. курулуш жылдарында Р. агрардык-индустр. өлкөдөн индустр.-агрардык өлкөгө айланды. 1974-ж. улуттук кирешедеги соц. сектордун салышт. үлүшү 96,6%, негизги өндүрүш фондусунда 99%, о. ж-дын дүң продукциясында 99,7%, а. ч-да 90,4% болгон. 1950-жылга караганда 1974-ж. улуттук кирешө 9,3, коомдук продукт 9,5, негизги фонду 4,8, о. ж-дын дүң продукциясы 19, а. ч-ныкы 2,81 эсе көбөйгөн. Өлкөнү индустриялаштыруунун натыйжасында жаңы о. ж. тармактары өнүккөн. Элдик бийлик жылдарында станок, трактор, автомобиль, кеме куруу, нефть-химия, электрон о. ж. тармактары, нефть, энергетика, тоо-кен, химия о. ж. үчүн жабдуулар чыгаруу пайда болду. Энергиянын $^3/_4$ болгүү жаратылыш газ м-н нефтинин, $^1/_5$ болгүү көмүрдүн үлүшүнө туура келет. Нефть ажыратуу з-ддору (жалпы кубаттуулугу 18 млн т) Плоешти, Брашов, Питешти, Кымпина ж. б. ш-да жайгашкан. 1975-ж. 53,7 млрд *квт·с* электр энергия алынган. Электр станцияларынын жалпы кубаттуулугу 11530 миң *квт* болгон. Ири ГЭСтери: «Темир дарбаза», «Лотру», ТЭСтери: «Рогожелу», «Турчени» ж. б.




Плоештидеги нефть промысели.

Кара металлургиянын негизин металлургиялык 3 ири завод түзөт (Решица, Хунедоара, Галац ш-нда). Түстүү металлургия (Слатина, Орадя, Тулче ш-лары) негизинен жерг. сырьёну пайдаланат. Транспорт (Бухарест, Брашов, Питешти, Крайова, Арад, Дробета-Турну-Северин ж. б.) ж-а а. ч. машиналарын куруу (Брашов, Бухарест, Крайова), технол. жабдууларды чыгаруу (Бухарест, Плоешти, Клуж-Напока ж. б.), станок куруу (Арад, Бухарест, Орадя), энергетика жабдууларын чыгаруу (Бухарест, Решица), электр тех. (Бухарест, Брашов, Крайова ж. б.), курулуш машиналар (Брэила) о. ж. тармактары өнүккөн. Химия о. ж. сода, хлор, күкүрт к-тасы, фосфат, азот ж-а минерал жер семирткичтер, синтет. каучук, пластмасса, химия буласын, резина чыгарат. Фармацевтика (Бухарест, Клуж-Напока, Яссы), лак, боёк ж. б. о. ж. ишканалары иштейт. Курулуш материалдар (цемент, айнек ж. б.), жыгач иштетүү (тактай, фанера, жыгач буласы, паркет, мебель ж. б.), текстиль (кебез, жүн, жибек, жыгыр буласынан ж-а кендирден кездеме токуу, жасалма була, трикотаж ж. б.), тамак-аш (жашылча-жемиш, шарап, эт, май, сыр ж. б.) о. ж. бар.

А. ч-нын дүң продукциясы 1976-ж. 17,2%ке өскөн. 1974-ж. соц. сектордун үлүшүнө айдоо жерлердин 95,3%, чабындынын 57%, жүзүмдүн 96,7% туура келген. Адистештирилген мал чарба фермалары түзүлгөн. Аймагынын 62,9% а. ч-га жарактуу. Айдоо алпты

Тымиш кыш-ндагы мал чарба фермасы.



9,7 млн *га*, көп жылдык өсүмдүктөр 770 миң *га*, талбаа 1,4 млн *га*, жайыт 3 млн *га*. Жүгөрү, буудай, күн карама, кант кызылча, шалы, кара куурай, тамеки, зыгыр, жүзүм ж. б. өстүрүлөт. 1977-ж. 6349,4 миң үй (3013,8 миңи саан), 10191,5 миң чочко, 14771,2 миң кой-эчки, 91420,6 миң канаттуу болгон. Балык кармалат (судак, лещ, щука, жаяң ж. б.). Р. сыртка жыгач чыгаруу б-ча соц. өлкөлөрдүн ичинен СССРден кийинки орунда.

Автомобиль жолунун уз. 77,6 миң *км*, т. ж. 11 миң *км* (1974). Негизги дарыя магистралы—Дунай (1,7 миң *км*). Башкы порту — Констанца. Бухарестте эл аралык маанидеги аэропорт бар. Нефть жүргүчүнүн уз. 2 миң *км*. 1948—73-ж. СССРдин тех. жардамы м-н 100дөн ашык о. ж. ишканасы курулган. Соц. өлкөлөрдөн машина ж-а жабдуулар, минерал ж-а өсүмдүк сырьёлорун ж. б. алып, машина, калк керектөөчү товарлар, болот түтүк, мебель, азык-түлүк, химикат ж. б. чыгарат. Р. Кырг-ндан пахта, түрдүү



Бухарест. Ана Ипэтеску бульвары.

металл, машина куруу о. ж. (чөп таңгактагыч, автомобиль радиатору, электр кыймылдаткыч, жылуулук релелери, насос ж. б.) продукциялары алат. Капит. өлкөлөрдөн негизинен о. ж. жабдууларын алып, аларга а. ч. продуктуларын, жыгач, химикат, прокат, нефть продуктуларын ж. б. сатат. Соода шериктери: СЭВ мүчөлөрү ж-а ГФР, Италия, Франция, Улуу Британия ж. б. Туризмдин мааниси чоң. Акча бирдиги — лей; 100 лей = =15 сом.

Саламаттык сактоосу. 1974-ж. ар миң адамга төрөлгөндөр 20,3, өлгөндөр 9,1, балдардын өлүмү ар миң тирүү төрөлгөнгө 35ти түзгөн. Өмүрдүн орточо узактыгы 68 жаш. Өлүмдүн негизги себептеры: жүрөк кан-тамыр, дем алуу органдарын: жүрөк кан-тамыр, дем алуу органдарынын оорулары, рак ж. б. Жугуштуу оорулардан грипп, эпидемиялык гепатит, менингит ж. б. учурайт. Тоолуу райондорунда эпидемиялык богок, кээ бир токойлуу жеринде кене энцефалити кездешет. Аларга каршы өмдөө жүргүзүлөт. 1973-ж. 186,2 миң орундуу 600 оорукана (миң кишиге 8,9 ору), 397 поликлиника, 4 миңге жакын мед. диспансер болгон. 1974-ж. 33,3 миң врач (630 кишиге 1 врач) ж-а 117,4 миң орто билимдүү мед. кызматкер иштеген. Р-да 100дөн ашуун курорт бар.

Өлгө билим берүүсү. Элдик-демокр. бийлик орногондон кийин милдеттүү түрдө акысыз башталгыч, 1962-жылдан 8 жылдык, 1968-жылдан 10 жылдык билим берүү киргизилген. Өлгө билим берүү системасына бала бакча, 6—16 жаштагылар үчүн милдеттүү 10 жылдык мектеп, 2 баскычтуу лицей кирет. 8 жылдык мектепти ж-а лицейдин 1-баскычын камтыган 10 жылдык билим алуу жалпыга милдеттүү. 1974-ж. бала бакчада 770 миң бала тарбияланган, жалпы ж-а кесиптик окуу жайында 3,7 млн окуучу, жог. окуу жайында 143,7 миң студент окуган. Жог. окуу жайларынан Бухарест, Яссы, Тимишоара, Брашов ун-ттери, Бухарест, Яссы, Клуж-Напока ин-ттары ж. б. бар. Ири китепканалары: Бухаресттеги Румыния ИАнын, Мамл. борб., Ун-ттин борб. китепканалары ж. б. 1974-ж. 357 музей иштеген.

Илими жана илимий мекемелери.

1. ТАБИ�ят ЖАНА ТЕХНИКА ИЛИМДЕРИ.

Р-да 16-н-дан билим берүү системасын өзгөртүү, жог. мектептерди түзүү аракеттери башталып, ал үчүн Киев, Вена ж. б. шаардардан мугалимдер чакыртылган. Жаңы окуу жайлары түзүлгөн (Котнаридеги академиялык коллегия, 1502). Жаштар чет өлкөгө окууга киберилген. Узак убакыт бою окуу жайларында табият таанууга аристотелчил салттын духунда өтүлгөн, жүрө-жүрө Декарттын, Галилейдин, Ньютондун идеялары маалим болгон. 18-н-дан «жаңы» физика окутулуп, тех. тармактардын саны көбөйгөн. 19-н-да табият таануу ж-а техника б-ча ил. из. күчөгөн. Математика, физика, химия, медицина б-ча түңгуч ил. өмгектер, окуу китептери чыгарылган. Яссыда ж-а Бухарестте инженерлердин мектеби, улуттук медицина ж-а хирургия мектеби, ун-ттер түзүлгөн. Метеорология, бактериология б-ча изилдөө мекемелери, физ. лабор-я уюшулган. Медицина, физика, география ж. б. б-ча ил. коомдор иштеген. 1879-ж. Румыния академиясы уюшулган. 19-н-дын алгы — 20-н-дын башында ил. мектептер калыптанган: геология (Г. Кобэлческу, Г. Штефэнеску ж. б.), география (С. Мехединци, Д. Вылсан), гидробиология (Г. Антипа) ж. б. Бактериолог В. Бабеш, невролог Г. Маринеску медицинага зор салым кошкон. Тех. илимдер (өзгөчө машина куруу, авиация б-ча) өркүндөгөн. Биринчи ж-а экинчи дүйн. согуштардын аралыгында Бухарестте микробиология (1921), а. ч. (1927) ил. из. ин-ттары ачылган. Математика (Г. Цицейка), физика (А. Прока), химия (Г. Спаку), медицина (Н. Лупу, Н. Хортоломей) ж. б. өнүккөн. Элдик бийлик орногон соң жаңы ил. из. ин-ттары түзүлгөн: география (1944), метрология (1951), ядро физикасы (1956), вирусология (1949) ж. б. 1948-ж. Румыния академиясы кайра түзүлгөн. Жаңы ил. тармактар калыптанып, техника ж-а колдонмо илимдерге кызыгуу күчөгөн. Математикада (Д. Барбилян, В. Выликович ж. б.) функция анализи, матем., статистика, гидро-механика; физикада (Ш. Цицейка, Х. Хулубей ж. б.) плазма, жарым өткөргүчтөр; химияда (И. Мургулеску, К. Неницеску ж. б.) орг. өмес химия, нефть-химия; биологияда (Т. Сэвулеску) биохимия, генетика б-ча изилдөөлөр күчөгөн. Тех. илимиде энергетика, электроника, гидродинамика, автоматика өркүндөгөн.

2. КООМДУК ИЛИМДЕРИ.

15—16-н-да румын коомдук ой-пикири калыптана баштаган. Николае Олахус, Иоанн Хонтерус ж. б. гуманист ойчулдар социалдык түзүлүш, дүйнөнү таанып-билүү ж-дө ой жүгүртүшкөн. 18-н-дын ортосу — 19-н-дын башында румын агартуучулары (С. Мику-Клейн, Г. Шинкай ж. б.) өркендик ж-а тендик принциптерин, улуттук-бошт. күрөш идеяларын, рационализмди жайылтышкан. Утопиялык социализмдин идеяларын Т. Диамант, Ч. Боллиак ж. б. пропагандалашкан. 1848—49-жылдардагы бурж.-демокр. рев-ясын убагында ж-а андан кийин философияда матер. тенденция күчөгөн. Г. Штефэнеску, Ф. Ментович ж. б. спиритуализмди четке кагышып, дарвинизмди даңазалашкан. 19-н-дын 80—90-жылдарында жумушчу кыймылынын калыптанышы ж-а өнүгүшү м-н соц. идеялар та-

рай баштаган. К. Доброжану-Геря, Р. Попеску ж. б. реакциячыл социологиялык концепцияларга (социалдык дарвинизм, мальтусчулук) каршы чыгып, марксчыл идеяларды таратышкан. 20-к-дын 20-жылдарынын башында Румыния КПнын түзүлүшүү м-н марксчик-лениндик коз караш бекемделген. Марксчыл философиянын өнүгүшүнө В. И. Ленин дин эмгектери чоң таасир тийгизген.

Социалдык-филос. ойдун негизги багыттын соц. коомдун өнүгүү диалектикасынын проблемалары, социализмди куруунда жумушчу табынын партиясынын жетекчи ролунун жогорулаш маселелери ж. б. өзөлейт. Румын философиясынын ж-а социологиясынын өнүгүшүнө Л. Пэтрэшкану, Ат. Жож, Э. Галл ж. б-дын эмгектери чоң таасир тийгизүүдө. Негизги филос. ж-а социологиялык борборлору: РКП БКга караштуу Штефан Георгиу атн. академия, Социалдык ж-а саясий ИА, ун-т ж. б. жог. окуу жайларынын филос. кафедралары. Филос. ж-а социологиялык бир топ журнал басылып чыгат.

Тарых б-ча ад-ттардын баштаты жыл баягдары м-н байланышкан. 16—17-к-да жыл баягдарында Дунай княздыгына чейинки ж-а андан кийинки тарыхый окуялар корсотулгон. Жыл баягдарынан тарыхты изилдөөгө өтүү Д. Кантемирдин тарых эмгектеринен түзолат. 19-к-да демократ тарыхчы Н. Бэлческу румын тарыхы б-ча маанилүү эмгектерди жаратканы. 19-к-да румын арх-я мектеби калыптанган. Тарых илимининн өнүгүшүнө, идеалист болсо да, А. Ксенопол маанилүү салым кошкон. Ал бай документтик негизинде румындардын көп томдуу тарыхын түзгөн. Бурж. тарыхчы Н. Йорга мурун пайдаланбаган көп документтерди жарыялаган. Марксчыл тарых илими 20-к-дын 20—30-жылдарында калыптанган (П. Константинеску-Яшь, М. Роллер ж. б.). Бирок ал өздик бийлик орногондон кийин гана кеңири өнүккөн. Румыния тарыхы б-ча көптөгөн эмгектер, документтер жыйнагы, монографиялар (П. Константинеску-Яшь, Д. Продан ж. б.) пайда болгон. Тарых изилдөөнүн борбору — Социалдык ж-а саясий ИАнын Тарых ин-ту, о. эле РКП БКга караштуу тарыхый ж-а коомдук-саясий изилдөөлөр ин-тунда, ун-ттердин тарых ф-теттеринде жүргүзүлөт.

Экономика илими 19-к-дын 1-жарымында пайда болгон (Н. Бэлческу, Т. Диамант). 19-к-дын 2-жарымында бир кыйла жандаными, көптөгөн эмгектер жаралган. Саясий экономикада батыш европ. вульгардык экономизмдин идеялары үстөмдүк кылган. 19-к-дын аягында 20-к-дын башында марксчыл экон. илими калыптанган (Ш. Георгиу, П. Фриму ж. б.). Бирок анын өнүгүшүнө 20—30-жылдарда реакциячыл бурж.-помещиктик режим тоскоол болгон. Өздик бийлик орногон соң марксчыл экон. илими дүркүрөп өстү. Изилдөө маселелери: соц. ж-а капит. саясий экономия, экономикада матем. методдорду колдонуу, мамлекеттер ортосундагы экон. мамилелер, ө. ж. экономикасы ж. б. Изилдөөлөр Экон. изилдөөлөрдүн борб. ин-тунда ж. б. ил. из. ин-тарында жүргүзүлөт.

Р. юристтери мамлекет ж-а укук, граждандык укук ж-а процесс, эмгек укугу ж-а социалдык камсыздандыруу ж. б. теориялык маселелерди иликтөөдө. Көрүнүктүү юристтер: О. Тресни, А. Нащиц, Л. Лоренц, Т. Дрэгану ж. б. Изилдөөлөр Социалдык ж-а саясий ИАда, Бухарестеги Укук изилдөө ин-тунда ж. б. мекемелерде жүргүзүлөт.

Румын тилин иликтөө 18-к-дан башталган (С. Мику-Клейн, Г. Шинкай ж. б.). Нанта тил илими 19-к-дын 2-жарымында калыптанган. 19-к-дын башында румын тили ж-а аның тарыхы б-ча көптөгөн эмгектер жаралган (А. Ламбриор, Х. Тикгин ж. б.). Салыштырма тил илими өнүккөн. 50—60-жылдарда жалпы тил илими, матем. лингвистика, семиотика б-ча изилдөөлөр күчөгөн. Изилдөөлөр Р. академиясынын Тил илими ин-тунда, ун-ттерде жүргүзүлөт.

Ил. ишти уюштуруу, пландоо ж-а финансылоону 1965-жылдан Илим ж-а техника б-ча улуттук совет аткарат. Ил. изилдөөнү Р. академиясы, А. ч. илимдери ж-а токойчулук академиясы (1969-ж. негизделген), Мед. ИА (1969), Социалдык ж-а саясий ИА, 300дөн ашык ил. из. ин-т ж-а мекеме жүргүзөт.

Басма сөз, радио уктуруу, телекөрсөтүүсү. 1977-ж. жалпы тиражы 10 млн-чо 480ден ашык газета-журнал чыккан. Күнүгө чыкчу негизги газеталары (Бухарестте басылат): «Скынтейя» (1931-жылдан) — РКП БКнын органы; «Скынтейя тинеретулуй» (1944)—Коммунисттик жаштар союзунун БКсынын органы; «Ромыния либерэ» (1943) — Соц. биримдик фронтунун Улут советинин органы; «Информация Букурештюлуй» (1953) — кечки газета, РКП Бухарест муниципия комитетинин ж-а Бухарест муниципия Эл советинин органы. Жумалыктары: «Апэраря патрией» (1945) — РСР коргоо мин-восунун борб. органы; «Контемпоранул» (1946) — Мад-т ж-а соц. тарбия б-ча советтик органы; «Мунка» (1944) — Р. профсоюздарынын жалпы бириккесинин органы. Журналдары: «Мунка де партид» (1956) — РКП БКнын органы; «Эра сочиалистэ» (1972) — РКП БКнын теориялык ж-а коомдук-саясий журналы (1920). Бухарестте Румын басма сөз агентствосу Ажерпрес жайгашкан (1949-ж. негизделген). Радио уктуруусу 1925-ж., телекөрсөтүүсү 1953-ж. уюшулган.

Адабияты. Румын элдик оозеки ад-ты бай ж-а ар түрдүү. Жазма ад-ты алгач славян тилинде пайда болгон. Румынча жазма ад-ттын түңүч улгусү — «Шкилл» (1561). 18-к-дын 1-жарымына чейин диний ад-т ж-а жыл баяу жазуу өнөрү кеңири таралып (Г. Уреке, 1590—1647; М. Костин, 1633—91; П. Некулче, 1672—1745 ж. б.), Д. *Кантемир* (1673—1723) түңүч сатиралык чыг-ларды жараткан. 18-к-да улуттук кайра жаралуу агымы пайда болгон (С. Мику-Клейн, 1745—1806; Г. Шинкай, 1754—1816; П. Майор, 1761—1821-ж. чен). 18-к-дын акыры — 19-к-дын башында акындар Енэкице, Алеку, Николае Вэкэрескулардын лирикалык ырлары ж-а П. Будай-Делянуюн (1760—1820-ж. чен) «Цыганиада» поэмасы жаралган. В. Кырлова (1809—31), П. Элиаде-Рэдулеску (1802—72), А. Руссо (1819—59), К. Негруцци (1808—68) сыяктуу жазуучулардын чыг-ларына 1848-жылдагы рев-л м-н байланышкан рев-лчыл-романтикалык белгилер мүнөздүү. Жогорудагы тенденциялар 19-к-дын 2-жарымында Н. Филимон (1819—65), П. Славич (1848—1925), М. Эминеску (1850—59), Ж. Кошбук (1866—1918) ж. б. жазуучулардын чыг-ларында ары өнүктүрүлүп, реализмдин калыптанышына оболго түзгөн. 20-к-дын башындагы сын реализминин өнүгүшүндө «Вяца ромыняске» журналы зор маани ге ээ болуп, анда Ж. Кошбук (1866—1918), П. Славич (1848—1925), И. Л. Каражале (1852—1912) ж. б. эмгектенген. Биринчи дүйн. согуштан кийин румын ад-тынын чыгаан өкүлдөрү М. Садовяну (1880—1961), Л. Ребряну (1885—1944), Ч. Петреску (1892—1961), К. Петреску (1894—1957), Т. Аргези (1880—1967), Л. Рэля (1896—1964) сыяктуу жазуучулар сын реализминин өсүшүнө чоң салым кошкон. 30-жылдары пролетардык ад-т



К Баба. «Талаада өс алуу». 1954.

нин өнөрү м-н байланышта болуп, роман стилиндеги чиркөөлөр (Чиснэдиоардагы базилика, 1223, Алба-Юлия, 1250—90-жылдар), готика стилиндеги курулуштар (Брашовдогу «Кара» чиркөөсү 14—15-к.) салынган. 16-к-дан Р. арх-расы *Кайра жаралуу* мад-тынын таасиринде өнүккөн. 18-к-дын башынан барокко стилиндеги (Клуж, Тимишоара, Орадя чиркөөлөрү) курулуштар жайылган. 14—18-к-дарда Молдова, Валахия иск-восунда жерг. салтар м-н бирге Европа иск-восунун белгилери колдонулган. 18-к-да Р-нын бардык жеринде гражд. иск-во калыптанган. Романтизм м-н реализм тенденциялары (И. Негулич, Б. Исковескунун портрет, пейзаждары) пайда болгон. Молдова м-н Валахиянын биригиши (1859) ж-а көз карандысыз Р. мамлекетинин жарыялаңышы (1877) корком мад-ттын гүлдөшүнө түртүк берген. 1870—90-ж. демократчыл реализмдин (Н. Григореску, И. Андрееску) гүлдөгөн мезгили. Румын пролетариатынын түрмушунан алынып тартылган О. Бончилэ, Ж. А. Стериадинин сүрөттөрү буга мисал. Арх-рада (19-к.) классицизм стилиндеги имараттар салынган. Өздик демокр. түзүлүш орногондон кийин арх-рада жаңы конструкциялар пайда болгон (А. Сахия, 1908—37; Ж. Богза, 1908-ж. т.).

Өлкө фашизмден бошотулгандан кийин (1944) соц. реализм ад-ты өнүгө баштаган. Улуу муундагы М. Садовяну, Ч. Петреску, кийинки муундагы З. Станку (1902—74), М. Прэда (1922-ж. т.), М. Бануш (1914-ж. т.), А. Баранги (1913-ж. т.), Х. Ловинеску (1917-ж. т.) ж. б. прозачы акын, драматургдардын чыг-ларында Р-нын жаңы турмушу, социалдык өзгөрүштөр чагылдырылган. Румын ад-тына 1950—60-ж. прозачылар — Д. Попеску (1935-ж. т.), Ф. Нягу (1932-ж. т.), Н. Веля (1936-ж. т.), акындар — Н. Стэнеску (1938-ж. т.), М. Сореску (1936-ж. т.), Ана Бландиана (1942-ж. т.) ж. б. кошулду.

Архитектура жана сүрөт өнөрү. Р-нын аймагында фракия, скиф, кельт иск-восунун эстеликтери, Кара деңиз боюндагы байыркы шаар калдыктары ж. б. сакталган. О. кылымда Трансильвания иск-восу Борб. Европадагы католик мамлекеттеринин таасири менен өнүккөн. 18-к-да Р-нын бардык жеринде гражд. иск-во калыптанган. Романтизм м-н реализм тенденциялары (Н. Негулич, Б. Исковескунун портрет, пейзаждары) пайда болгон. Молдова м-н Валахиянын биригиши (1859) ж-а көз карандысыз Р. мамлекетинин жарыялаңышы (1877) корком мад-ттын гүлдөшүнө түртүк берген. 1870—90-ж. демократчыл реализмдин (Н. Григореску, И. Андрееску) гүлдөгөн мезгили. Румын пролетариатынын түрмушунан алынып тартылган О. Бончилэ, Ж. А. Стериадинин сүрөттөрү буга мисал. Арх-рада (19-к.) классицизм стилиндеги имараттар салынган. Өздик демокр. түзүлүш орногондон кийин арх-рада жаңы конструкциялар пайдаланылып, шаарлар салынган (Георге-Георгиу-Деж, Викториа), өскөн шаарлар реконструкцияланган ж-а бир топ курорттук комплекс курулган. Сүрөт өнөрүнүн калыптанышына көрүнүктүү сүрөтчүлөр: К. Рессу, И. Щер, Н. Тоница, Ф. Ширато, Д. Голиц) ж. б. чоң салым кошкон. Сүрөт өнөрүндө жаңы көрүнүштөрдү чагылдырган чыг-лар пайда болгон (пейзажда — М. Бунеску, А. Катаражи, М. Макси, А. Чукуренку; скульптурада — И. Жали, О. Хан, Г. Ангел ж. б.; графикада — В. Добриан, В. Казар, П. Эрдеш, Ф. Кордеску ж. б.; жасалга-колдонмо өнөрдө — П. Матееску, З. Байкопу ж. б.).

Музыкасы. Р. элдик муз. чыг-лыгында өпикалык баллада, дойна, гайдук ырлары басымдуу. Муз. аспаптары: флуер (сыбызгы), най, чимпой (үйлөмө), кобза, цитра, цимбалы (кылдуу); элдик бийлери: сырба, брыу, жок, хора. Улуттук фольклорду таратууда профессионал музыкант-лоутарлардын ролу чоң. Р-нын профессионал музыкасына негиз салгандар: акын, музыкант ж-а элдик ырларды чогултуучу А. Пани ж-а комп. И. Вахман, А. Флехтенмахер ж. б. Бухарест консерваториясы 1864-ж. негизделген. Ж. Штефанеску Р-нын эң алгачкы симфониясын жазган, 1885-ж. опера труппасын түзгөн. 20-к-дагы көрүнүктүү композиторлор: Я. Мурешану, К. Димитреску, Ж. Энеску ж. б. Өлкө фашизмден бошотулуп, демокр. түзүлүш орногондон кийин Р-да муз. мад-т өтө тез өнүгүүдө. Композиторлор: А. Вперу, М. Вескан, Г. Думитреску, Д. Поповичь ж. б-лар элге кеңири белгилүү ырлар, П. Думитреску, А. Мендельсон, С. Тодуңэ, П. Константинеску, Л. Фельдман ж. б-лар оратория, кантата ж-а симф. чыг-лар жазышкан. Азыр өлкөдө 5 опера ж-а муз. театр, 20 симф., камералык ж-а эл аспаптар оркестри, камералык-аспаптык ж-а бий ансамблдери, хор коллективдери бар. 1957-ж. Композиторлор союзу түзүлгөн.

Театры. Румын профессионал театры 19-к-дын башында румын элинин көз карандысыздык үчүн күрөш мезгилинде пайда болгон, Театр өнөрүн өркүндөтүүдө Г. Асаки, П. Э. Рэдулеску, Г. Барицтер маанилүү роль ойногон. 1848-жылкы рев-ляны даярдоо жылдары К. Бэлческу, К. Фанка, Ч. Болиак, К. Негруцци, А. Руссо ж. б-лар румын улуттук драматургиясынын негизин түзүп, алардын демилгеси м-н Бухарест улуттук театры (1852-ж. ачылган) уюшулган. Улуттук театрга драматург, реж. и-а сынчы П. Л. Каражале зор таасир тийгизген. Аның сатира комедиялары дүйн. драматургиянын мыкты үлгүсүнөн болгон. Реалисттик салттуу драматургдар К. Петреску, М. Себастьян, В. Эфтимиу; актёрлор — К. Ноттара, А. Прутяну, Т. Буландра, Л. Стурдза-Буландра; реж. П. Густи ж. б. улантышкан. Р-да элдик-демокр. түзүлүш (1948) орногондон кийин театр өнөрү элдин идеялык жактан тарбиялоонун каражаты болуп, жаңы театрлар курулган. Белгилүү театрлары: И. Л. Каражале атн. Румын улут театры, Л. Стурдза-Буландра атн. Румын театры, Комедия театры ж. б. Театр актёрлору ж-а режиссёрлору Р. Белиган, Х. Попеску, Л. Чулей, Л. Журжеску, Р. Пенчулеску ж. б.

Киносу. Р-да алгач «Четатя Нямцулуй» (1915) аттуу румын фильми тартылган. Өлкөдө чет элдик кинокомпания прокатынын 1944-жылга чейин үстөмдүк кылышы улуттук кинематографиянын өнүгүшүнө кедерги болгон. Кино ө. ж. 1948-ж. гана мамлекеттештирилген. Р-да корком (аның ичинде мультипликациялык) ж-а хроника документ, о. эле окуу фильмдерин чыгаруучу «Бухарест», Сахия атн. ж-а Крянгэ атн. киностудиялар иштейт. Фильмдери: «Митря Кокор» (1952, М. Садовянунун романы б-ча, реж. В. Илиу), «Эдсөө» (1961. Т. Поповичтин романы б-ча, реж. М. Дрэган), «Дунай толкундары» (1959, реж. Л. Чулей). «Тунель» (1967, СССР м-н бирге, реж. Ф. Мунтяну), «Тудор» (1967, реж. Л. Брату), «Купуя бүтүм» (1970, реж. М. Маркус), «Жарылуу», (1972, реж. М. Дрэган). «Дубал» (1975, реж. К. Ваени) ж. б. И. Попеску-Гопо мультипликациялык фильм, Э. Бостан балдар киносу тармагында кыйла ийгиликке жетишкен. Ил.-коомдук ж-а документ кино б-ча реж. М. Илиешу, А. Боянгиу ж. б. эмгектенишет. Кино актёрлору: Р. Белиган, М. Погонат, М. Барбу, И. Петреску, П. Чобану ж. б. 1957-ж. Бухарестте мамл. кино-архив, 1963-ж. Кино кызматкерлер коому уюшулган. 1964-жылдан Мамай ш-нда улуттук кинофестиваль өткөрүлүп турат.

Лит.: Армянд Д. Л., Румыния, М.—Л., 1946; История Румынии нового и новейшего времени. М., 1964; История Румынии, 1918—1970, М., 1971; Фёдоров Г. Б., Полевой Л. Л., Археология Румынии, М., 1973 (лит.); Семёнова Л. Е., Русско-валашские отношения в конце XVII — начале XVIII вв., М., 1969; Советов П. В., Исследования по истории феодализма в Молдавии, т. 1 — Очерки истории землевладения в XV—XVIII вв., Кишинев, 1972; Гросул В. Я., Чертан Е. Е., Россия и формирование Румынского независимого государства, М., 1969; Потапов В. И., Социалистическая Румыния. М., 1974; Чаушеску Н., Доклад ЦК о работе КПР в период между X и XI съездами и дальнейших задачах партии, Бухарест, 1974; Кожевников Ю. А., Попоранизм и проблема влияния русской литературы на румынскую, в сб.: Славянские литературы, М., 1963; Кузьмина М. Т., Искусство Румынии, М., 1966; Мартынов Н., Румынская народная музыка, в сб.: Вопросы музыкознания, в. 3, М., 1960; Парамонова К., Киноискусство Румынской Республики. М., 1965.

РУМЫНИЯ АКАДЕМИЯСЫ, Румын Социалисттик Республикасынын академиясы — РСРдин Бухарестеги илим ж-а мад-т ишмерлерин бириктирген жог. ил. мекемеси. 1866-ж. Румыния ад-т коому катары негизделген, 1867-жылдан Румыния акад. коому, 1879-жылдан Р. а., 1948-жылдан Румын Эл Респ-касынын академиясы, 1965-жылдан РСРдин академиясы. Анын 12 секциясы ж-а басма сөз органы бар. 70тен ашык журнал чыгарат.

РУМЫНИЯДАГЫ КУРАЛДУУ ЭЛ КӨТӨРҮЛҮШҮ (1944) — эмгекчилердин Й. Антонескунун аскердик-фаш. диктатурасын кулаткан антифаш. чыгуулары. Көтөрүлүштү Румыния компартиясы (РКП) даярдап, жетектеген. Аның демилгеси б-ча 1943-ж. жайында патриоттук антигитлер фронту түзүлгөн. 1944-ж. жазында РКП м-н с.-д. партия биригип аракеттенүү ж-дө келишимге кол коюп, Аскер комитети түзүлгөн. Антонескунун диктатордук режимин кулатуу ж-а Румынияны фаш. мамлекеттердин блогунан чыгаруу максатында 1944-ж. 20-июнда Улуттук-демокр. блок түзүлгөн. РКП аскердик жашырын отряддарды түзүп, румын аскер бөлүктөрүндө иш жүргүзгөн. Көтөрүлүш 1944-ж. 23-августа башталган. Көтөрүлүшчүлөр Антонескуну ж-а фаш. өкмөттүн башка мүчөлөрүн каман, Бухарестеги маанилүү объектилерди алган. 24—30-августа фашист немец бөлүктөрүнө каршы айгышкан күрөш жүрүп, 31-августа Бухарестке Сов. Армиянын кириши м-н көтөрүлүш жеңген. Бул көтөрүлүш Румын рев-ясынын башталышы болгондуктан 23-август — РСРдин улуттук майрамы.

РУМЫНИЯ КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫ [РКП; 1922-жылдын аягына чейин Румыния соц.-коммунисттик партиясы; 1948-ж. февралга чейин Румыния коммунисттик партиясы; 1948-ж. февралдан — Румыния жумушчу партиясы (РЖП), 1965-ж. июлдан — РКП] Соц. партиянын съездинде (1921, май; бул РКПнин 1-съезди катары эсептелген) түзүлгөн. Съезд Улуу Окт. соц. рев-ясын жактап, Сов. Россияга согуш таңуулаган импер. саясатты айыптаган. 2-съездде (1922) партиянын убактылуу Уставы кабыл алынган. 1924-ж. апрелде компартия законсуз деп жарыяланып, 1944-ж. 23-августка чейин жашырын иштеген. 1930-ж. партиянын биримдиги калыбына келтирилген. РКПнин 5-съезди (1931, дек.) румын рев-ясынын мүнөзү, этаптары ж-а кыймылдаткыч күчү ж-дегү маселени караган. 1944-ж. 23-августа компартия уюштурган Элдик куралдуу көтөрүлүш башталып, фаш. режим кулатылган. 1945-ж. жумушчу өкүлдөрү жетекчилик кылган Румыния демокр. өкмөтү түзүлгөн. Компартиянын демилгеси м-н агрардык реформа ж. б. бир катар демокр. кайра түзүүлөр жүргүзүлгөн. 1946-ж. парламентке шайлоодо компартия жеңип, 1947-ж. монархия жоюлуп, респ-ка түзүлгөн. 1948-ж. марксизм-ленинизм принцибинин негизинде компартия м-н С.-д. партия Бириктүү жумушчу партиясына (БЖП) бириккен. 11-съездде (1974) партиянын программасы кабыл алынган.

РКПнин делегаттары Коммунисттик ж-а жумушчу партияларын эл аралык кеңешмелеринде (1957, 1960, 1969, Москва) катышып, алардын документтерине кол койгон.

РКП демокр. централизм принцибинде курулат. Жог. органы — съезд, алардын аралыгында — БК. Борб. ор-

1. Бухарест. Патриаршая чиркөөсү. 1654—58. 2. Мамай ш. «Перла» мейманканасы. 1962.

1. Г. Думитреску. «Көтөрүлүш». Опера ж-а балет театры. Бухарест. 1959. 2. «Дарга асылгандар токою» фильминен кадр. Реж. Л. Чулей. 1962.

ганы — «Скынтейя» газетасы, теориялык органы — «Эра сочиалисте» журналы.

РУМЫНИЯ СОЦИАЛИСТТИК ПАРТИЯСЫ (РСП) 1893-ж. жумушчу нйримдеринин Галацтагы съездинде Румыния жумушчуларынын с.-д. партиясы (РЖСДП) деген ат м-н негизделген. Партия түзүлгөндөн эле оңчул жетекчилер м-н рев-ячыл элементтер ортосунда күрөш жүргөн. 1899-ж. оңчулдар Улуттук либералдык партияны түзгөн соң РЖСДП чындыгында жоюлган. 1910-ж. Румыния с.-д. партиясы деген ат м-н кайра түзүлүп, 1918-жылдан РСП аталган. Анын программасында (1918) пролетариат диктатурасын орнотуу ж-а коммунизмди куруу белгиленген. РСПдеги солчулдар 1920-ж. коммунисттик топтордун БКсын түзгөн. 3-Интернационалга кошулушуна байланыштуу 1921-ж. РСПнин Ген. совети съезд чакырууга ж-а коммунисттик топтордун БКсы иштеп чыккан партиянын теэистерин талкуулоо тууралуу чечим кабыл алган. Буга каршы оңчул реформачылар РСПден (1921) чыгып, 1927-ж. Румыния с.-д. партиясын түзгөн. 1921-ж. оппортунисттерден арылган РСПнин съездинде *Румыния коммунисттик партиясы* түзүлгөн.

РУМЫН ТИЛИ — *румындардын* тили, РСРдин официалдуу тили. Югосл-я, Болгария, Албания, Грециянын айрым райондоруна, АКШ, Канада ж. б. өлкөлөргө да тараган. РСРде Р. т-нде сүйлөгөндөр 18 млн-го жакын (1973). *Роман тилдеринин* чыгыш романтопчосуна кирет. РСРдеги Р. т-нде банат, кришан, валаш, молдаван деген бир нече диалекти бар. Р. т. оозеки-диалектилик латын тилинин негизинде калыптанган. Жазма эстеликтери 16-к-дан белгилүү. Адабий тили 19-к-да калыптанган. Жазмасы башта кириллицада болгон, 19-к-дан латын алфавитинде.

РУМЯНЦЕВ-ЗАДУНАЙСКИЙ Пётр Александрович [4(15). 1. 1725, Москва — 8(19). 12. 1796, Ташань кыш., азыркы Киев обл., Переяслав-Хмельницкий р-ну] — граф (1744), орус кол башчысы, генерал-фельдмаршал (1770). Орус-швед согушуна (1741—43) катышып, полковник наамын алган (1743). Жети жылдык согушта (1756—63) бригадага, дивизияга командачы. *Орус-түрк согушунда (1768—74)* 2-, кийин 1-армияга командачы болуп, түрк аскерлеринин көбүн талкалаган. Дунайдын сол жээгин ээлегени үчүн 1775-ж. Задунайский деген ардак фамилияны алган. 1774-ж. Шумлуга чабуул жасап, Турцияны *Күчүк-Кайнаржы тынчтыгын (1774)* түзүүгө мажбурлаган. Р.-З. 18-к-дын 2-жарымында орус аскер өнөрүнүн өнүгүшүнө кыйла салым кошкон. Жети жылдык согушта 1-жолу жеңил батальондорду (кийинки өгөрлөрдү) түзүп, жаңы тактиканын пайда болушуна жол ачкан, Р.-З. согушта аскер түрлөрүнүн күч аракеттерин айкалыштыруурга чоң маани берген идеяларын «Корсетмо» (1761), «Кызмат каадасы» (1770), «Ойлор» (1777) деген китептеринде жазган. Ал идеялар 18-к-дын 2-жарымында орус армиясынын уставдарын иштеп чыгууда ж-а аны кайра курууда пайдаланылган.

Лб.: П. А. Румянцев [Документы], т. 1—3, М., 1953—59.

РУН ЖАЗУУСУ, рун — ташка, металлга, жыгачка, сөөкө чегилип же чийилип жазылган байыркы герман алфавитинин тамгалары (белгилери). 2-к-дан соңку о. кылымга чейин колдонулган. Скандинавия, Исландия, Гренландия, Англия, Түн. Европа, Кара деңиздин түн. бою, Новгород ж. б. жерлерге тараган. Мезгил өткөн сайын алфавиттин составы да, рундардын жазылышы да өзгөрүүгө учуран турган. Сөздөр дээрлик туташ жазылып, солдон оңго, оңдон солго же болбосо бир сабы солдон оңго, экинчиси оңдон солго окулат. Рундун келип чыгышы так аныктала элек. Сыртқы окшоштуктарына карата Орхон-Енисей, Түн. Монголия ж-а Талас (Кырг-н) аймактарынан табылган байыркы түрк жазуулары да Р. ж. деп аталат, бирок алардын туюнткан маанисинде кадимки Р. ж. м-н эч окшоштук жок.

Лб.: Макаев Э. А., Язык древнейших рунических надписей. М., 1965; Дирингер Д., Алфавит, М., 1963, с. 579—99; Батманов И. А., Язык енисейских памятников древнетюркской письменности, Фр., 1959.

РУНИЯ — Индия, Индонезия, Маврикий, Мальдив, Непал, Пакистан, Сейшель а-дары, Шри-Ланканын акча бирдиги. 1) Инди Р-сы 16-к-дын аягында чыгарылган. 100 пайска барабар. 2) Индонезия Р-сы 1950-жылдардын февралынан пайдаланылат. 100 сенге болгон. 3) Пакистан Р-сы 1948-ж. киргизилген. 100 пайска барабар. 4) Непал Р-сы 1960-жылдын октябрынан киргизилген. 100 пайска барабар. 5) Шри-Ланка, маврикий, мальдив, сейшель Р-сы 100 центке болгон. СССР мамл. банкынын 1979-жылдын январындагы курсу б-ча: 100 инди Р-сы=8 сом 50 тыйын; 1000 индонезия Р-сы=1 сом 7 тыйын; 100 пакистан Р-сы=6 сом 78 тыйын; 100 непал Р-сы=5 сом 50 тыйын; 100 шри-ланка Р-сы=4 сом 24 тыйын.

РУПОР (голл. roeper — кыйкыруу) акустикалык — үндү күчөтүү ж-а аны белгилүү багытка жиберүү үчүн колдонулуучу туурасынан кесилиши өзгөрмө түтүк. Пирамида, конус, экспоненциал, сектор түрүндөгү Р. болуп айырмаланат. Акустикалык Р. рупордук күчөтүп сүйлөгүчтө, мегафондо ж. б. колдонулат. Р-дун иштөө принциби б-ча радиотехникада рупор антеннасы жасалган.

РУР — ГФРдеги ири о. ж-луу район. Түн. Рейн-Вестфалия жеринде, Рейн д-нын оң жээгинде. Аянты 3,3 миң *км*². Калкы 5,6 млн (1972), орт. жышт. 1 *км*² жерге 1700 киши. Р-га өлкөдөгү казып алынган көмүрдүн 85%, эритилген болоттун 70% туура келет. Көмүр ж-а металлургия о. ж-нда индустриядагы жумушчулардын $^1/_2$ иштейт. Электр энергетика, газ, коксхимия ж-а оор машина куруу оор о. ж-ның комплексин түзөт. Нефть иштетүү ж-а машина куруу өнүккөн. Эң ири шаарлары: Эссен, Дортмунд; ири дарыя порту ж-а металлургиянын негизги борбору — Дүйсбург; шаарлары: Дюссельдорф, Вупперталь, Бохум, Гельзенкирхен. Р-дун өнүгүшү көмүр өндүрүүдөн башталган. Андан көмүр казып алуу 14-к-дан белгилүү. Ал биринчи дүйн. согушта (1914—18) герм. империализмдин очогуна, о. эле жумушчу кыймылынын уюгуна айланган. Экинчи дүйп. согушта (1939—45) Р. Германиянын согуш продукциясынын $^1/_4$ бөлүгүн өндүргөн. Согуш алктарда Р-га англ.-амер. аскерлер кирип, кийин ал англ. оккупация зонасына бириктирилген. Р. Европ. көмүр ж-а болот бирикмесинде ж-а Европ. экон. коомдоштукта негизги роль ойнойт. Р-дун жумушчу табы капит. эзүүгө каршы күрөшүүдө.

РУР КӨТӨРҮЛҮШҮ (1920) — Германиянын Рур обл-ндагы эмгекчилердин реакцияга каршы 1920-ж. март — апрелдеги куралдуу кыр көрсөтүүлөрү. Капп козголоңун (1920) басуу үчүн компартиянын ж-а солчулдардын жетекчилиги м-н Кызыл Армия түзүлүп, ал 22-мартта областтын ири шаарларын ээлеген. Рев-ячыл чыгуудан чочулаган өкмөт 24-мартта күрөштү токтотуу ж-до көтөрүлүшчүлөр м-н келишим түзгөн. Бирок өкмөт көтөрүлүшчүлөрдүн ыркысыздыгын ж-а кээ бир жетекчилеринин кетирген кемчилигинен пайдаланып, апрелдин башында көтөрүлүштү аёосуз баскан.

РУР ОПЕРАЦИЯСЫ (1945) — англ.-амер. аскерлердин экинчи дүйн. согуш (1939—45) убагында Батыш Германиянын Рур обл-ндагы маанилүү о. ж. райондорун ээлөө үчүн жасаган чабуулу. 1945-ж. 23-март түнү союздаштардын 21-армия тобу (1-канадалык, 2-англ., 9-амер. ж-а аба-десант армиясы) Везель р-нунда Рейн д-нан тез өткөн. Ал эми 1- ж-а 3-амер. армия 25—26-мартта (Рейндин оң жээгинде Ремаген ж-а Оппенхейм р-ндорунда) Франкфурт багытына чабуул койгон. 1-апрелде немецтердин рур тобун курчоого алып, 18-апрелде фашисттерди багынткан (325 миң адам тутқундалган).

РУСАКОВ Константин Викторович [18(31). 12. 1909-ж. т., Торопец ш., азыркы Калинин обл.] — сов. партиялык ж-а мамл. ишмер. 1943-жылдан КПСС мүчөсү. Дыйкан үй-бүлөсүнөн. 1930-ж. Ленинграддагы М. И. Калинин атн. политех. ин-ту бүткөн. 1930—39-ж. Ленинград, Ленинакан, Иркутскиде курулуш тресттеринде инженердик-тех. ж-а чарбалык иште. 1939—53 ж-а 1955—57-ж. Эл комиссариатында, кийин СССР балык о. ж. мин-восунда (министрдин орун басары, биринчи орун басары, министр) кызматта. 1953—55-ж. СССР Мин. Советинин аппаратында. 1958-жылдан дипл. иште (1962—64-ж. СССРдин МЭРдеги элчиси), 1964-жылдан КПСС БКнын аппаратында, 1968—72-ж. КПСС БКнын бөлүм башчысы, 1972—77-ж. КПСС БКнын Ген. секретарынын жардамчысы. 1977-жылдан КПСС БКнын секретары. 1966—71-ж. КПСС Борб. текшерүү комиссиясынын мүчөсү. 1971-жылдан КПСС БКнын мүчөсү. СССР Жог. Советине (7—10-шайл.) депутат. Эки Ленин ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

«РУССКАЯ ПРАВДА» — Киев Русунун 11—12-к-дагы феод. укуктар жыйнагы. Бизге чейин «Р. п-нын» 3 редакциясы жеткен [кыскача (байыркы, 11-к.), толук (12-к.) ж-а кыскартылган]. «Р. п.» — тарыхый баалуу эстелик.

«РУССКИЙ ЯЗЫК» — СССРдин басма, полиграфия ж-а китеп соода иштери б-ча мамл. комитетинин системасындагы борб. басма. *«Советская энциклопедиянын»* сөздүк редакцияларынын ж-а «Прогресс», «Высшая школа» басмаларынын окуу редакцияларынын базасында 1974-ж. түзүлгөн. Окуу китептерин, методикалык куралдарды, орус тилин үйрөнүүчү чет эл гражданларына ад-ттар, окуу китептер, жалпы филол., ил.-тех. ж-а СССР элдеринин тилинде сөздүктөр чыгарат. 1978-ж. 26 тилде тиражы 7780 миң 201 наамдагы басылма чыгарган.

«РУССКИЙ ЯЗЫК В КИРГИЗСКОЙ ШКОЛЕ» — ил. методикалык журнал, Кыргыз ССР агартуу мин-восу м-н Кырг-н педагогика ил. из. ин-тунун органы. 1958-жылдан чыгат. 1958—59-ж. «Мугалимдерге жардам» журналынын тиркемеси болгон. 1960-ж. «Мугалимдерге жардам» журналынын чыгарылышы токтогонго байланыштуу тиркеме чыккан эмес. 1961-жылдан ил. пед. бюллетень катары (2 басма табак), жылына 6 жолу чыгат. Журналдын негизги рубрикалары: «Мугалимдердин тажрыйбасынан», «Методика», «Биздин консультация», «Педагогикалык трибуна», «Хроника», «Китеп текчеси», «Илимий-популярдык болүм» ж. б. Журналда мугалимдердин алдыңкы иш тажрыйбалары системалуу жарыяланып турат. Тиражы 4500 (1978).

РУССО Жан Жак (28. 6. 1712, Женева — 2. 7. 1778, Эрменонвиль, Парижге жакын) — француз философу, агартуучу, педагог, жазуучу, композитор. Саат устанын үй-бүлөсүнөн. Жаш кезинде жан багыштын айынан ар кайсы өлкөлөрдө (Швейцария, Невшатель, Англия) майда-барат кызмат аткарган. Парижде *Дидро* м-н достук мамиледе болуп, энциклопедияга макала жазып турган. «Адамдар теңсиздигинин пайда болушу» (1755), «Юлия же Жаңы Элоиза» (1761), «Коомдук келишим» (1762) сыяктуу чыг-лары жарык көргөндөн кийин ал оригиналдуу ойчул катары таанылган. Р-нун филос., диний көз карашы англис ж-а француз дуализми м-н деизминин таасиринде калыптанып, карама - каршылыктуу болгон. Р. материянын объективдүү экенин жактап, кудай дүйн. акылга катары жашайт деп эсептеген. Р-нун айтымында материя аң-сезимди пайда кыла албайт. Р. сенсуалист болгондуктан теориялык билимге терс мамиле жасаган. Р-нун антиматер. ж-а агностикчил көз карашы И. Кантка чоң таасир тийгизген. Р. атеисттерди жек көргөнү м-н деисттик позициядан теология м-н диний фанатизмге сокку урган. Р. диний коомдун адеп-ахлак нормалары м-н байланыштырчу жаңы форма тапсам деп эсептеген. Теңдик өкүм сүргөн коомду жактап, феодализмдин социалдык-саясий кемчиликтеринин бетин ачкан. Ал коомдук идеяны негизги күч деп эсептеп, тарыхты идеалисттерче түшүнгөн.

Р.— француз сентиментализминин ири өкүлү. Анын иск-вого көз карашы да философиясындай эле карама-каршылыктуу («Француз музыкасы жөнүндө кат» — 1753; «Илим жана искусство жөнүндө ой жүгүртүү», «Д'Аламберге кат...» 1758).

Р-нун көркөм чыг-ларынын жанрдык жагы ар түрдүү: ырлар, поэмалар, комедиялар («Нарцисс», 1753; «Согуш туткундары», 1782); либреттосу м-н музыкасын өзү чыгарган опералар (маанилүүрөгү — «Айыл сыйкырчысы», 1753); «Юлия же Жаңы Элоиза» (1761) романы ж. б. «Диалогдор: Руссо Жан Жакты айыптайт» (1775—76), «Жалгыз ойчулдун сейилдери» (1777—78), эң атактуу ж-а маанилүү чыгармасы «Ыйман сыры» (1766—69) өндүү туундулары кийинки коомдук ойдун, философиянын, ад-ттын өсүшүнө чоң таасир тийгизип, бүт Европаны кучагына алган руссоизм деген өзүнчө агымды пайда кылган. Р-нун пед. идеялары «Эмиль» (1762) деген чыгармасында берилет. Р. мында сенсуализмге таянып, жаңы адамды өстүрүүдө тарбиянын зор күчү бар экенин далилдеген. Бирок коомдун ролун түшүнбөй, балдарды айлана-чөйрөдөн оолак тарбиялоо зарыл деген. Кемчиликтерине карабастан, Р-нун тарбиялык көз караштары пед. ойдун өөрчүшүндө прогрессчил роль ойногон. Марксизм-ленинизм классиктери Р. окуусунун майда бурж. чектелгендигин ашкерелеп, анын рев-ялык-демокр. идеяларынын прогрессчил маанисине айрыкча маани беришкен.

Чыг.: в рус. пер. — Избр. соч., т. 1—3, М., 1961; Юлия, или Новая Элоиза, М., 1968; Трактаты, М., 1969.

Лб.: Розанов М. Н., Ж. Ж. Руссо и литературное движение конца 18 и начала 19 вв., т. 1, М., 1910; Вермаи И. Е., Жан Жак Руссо, М., 1958.



К. В. Русаков.



Ж. Ж. Руссо.



Ш. Руставели.

РУСТАВЕЛИ Шота (туулган ж-а о. ж. белгисиз) — грузин акыны, «Жолборс терисин кийген баатыр» дастанынын автору. 12-к-да жашаганы белгилүү, бирок анын өмүрү ж-де так маалыматтар абдан аз. Негизги маалымат эле—айтылуу дастанындагы пролог. «Жолборс терисин кийген баатыр»—дүйн. ад-ттагы эң коргунуктуу поэмалардын бири. Р. бул дастанда сюжеттик каймана ыкмаларды колдонуп, өз түшүндагы Грузиянын чын турмушун көркөм сүрөттөгөн. Дастандын каармандары — ар кайсы элдин өкүлдөрү. Алар аркылуу Р. 12-к-дагы феод. Грузиянын акыйкат м-н бакыттын салтанат курушу үчүн эч нерседен коркпой күрөшкөн чыгаан адамдарынын жалпыланттырылган образдарын берген. Акыйкат м-н жакшылыктын жеңиши, таза, тунук, эркин сүйүү ж-догу оптимисттик идея поэманын негизги өзөгүн түзөт. Дастан патриотизм идеясына сугарылган. Анда башында билимдүү, гумандуу падыша турган бириккен күчтүү мамлекет ж-догу саясий идеал берилген. Р. бул дастанында өз элинин ойтилегин билдирсе да, идеялары жалпы адамзаттык мүнөзгө ээ. Р. өзүнүн



Ш. Руставели. «Жолборс терисин кийген баатыр». С. Кобуладзенин иллюстрациясы. 1935—37.

эркин ойчулдугу м-н Алгачкы Кайра жаралуу доорунун гуманисттик идеяларын алдын ала айткан.

Байыркы грузин жазма мад-тынын байлыгын сиңирип, алдыңкы фольклордук салттарга таянып, Р. грузин поэзиясын бийикке көтөргөн. Дас-



В. А. Рыбаков.

тан Р. озу чыгарган шаири ыр олчомундо жазылган. Р. — жацы грузин адабий тилин негиздөөчү. «...баатыр» грузин тилинде 50дөн ашык жолу басылып чыкты. Биринчи жолу 1712-ж. Тбилисиде жарык көргөн. Кийин СССР ж-а чет эл тилдерине которулган. Кыргызчага А Осмонов тарабынан эркин которулуп, бир нече ирет басылган. Анын кыргыз көркөм котормосунун калыптанышына ж-а өөрчүшүнө тийгизген таасири чоң. Грузин драма театры, Тбилисидеги театр ин-ту, ГССР Ад-т ил. из. ин-ту Р-нин наамында.

Чыг.: Жолборс терисин кийген баатыр. Фр., — Казань, 1940, Фр., 1951, 1956, 1972, 1976.

Ад.: Марр Н., Вступительные и заключительные строфы «Витязя в барсовой коже» Шоты из Рустава, СПВ., 1910; Берков П., Шота Руставели в русской литературе, «Изв. АН СССР. ООН», 1938, № 3; Барамидзе А., Шота Руставели. М., 1966; Самарин Р., Поэма Руставели и мировой литературный процесс XII—XIII веков, «Литературная Грузия», 1967, № 3.

РУСТАВИ — ГССРдеги шаар. Гардабан талаасында, Кура д-ныи жээгинде. Тбилисиден 27 *км* түш.-чыгыш тарапта. Тбилиси — Баку т. ж-ндагы станция. Калкы 129 миң (1979). Шаар *Рустави металлургия заводун* курууда өсүп чыккан. Химия комбинаты ж-а химия була з-ду, кран куруу, металл конструкция, цемент з-ддору; үй куруу, темир-бетон, курулуш материалдар, жыгач иштетүү комбинаттары иштейт. Р-ге жакын жерде Тбилиси ГРЭСи курулган. Хим.-металлургия техникуму, муз. окуу жайы, драма театры, край таануу музейи бар.

РУСЬ, Русь жери — чыгыш славяндардын ортоңку Днепрдеги мамлекетинин аталышы (9—10-к.). Р. мамлекетинин жашагандыгын Константин Багрянородныйдын 10-к-дагы чыг-лары, 10-к-да Византия м-н Р. түзгөн келишимдер, 11—12-к-дагы орустардын жыл баян жыйнактары далилдейт. Р-тун борбору Киев, Чернигов ж-а Переяславль болгон. 11—12-к-дагы маалыматтар б-ча Р. жеринин составына Вышгород, Белгород, Торческ, Треполь, Корсунь, Богуславль, Шумск, Канев, Тихомль, Гнойница, Выгошев, Бужск кирген. Бул поляндардын мурунку уруу аймагы, северяндар м-н радимичтердин жеринин бир болугу, о. эле ага уличтер м-н вятичтердин жерлери кирсе керек. Р. чек арасына караганда уруулук-этностук бирикме эмес, саясий мамл. түзүлүш болгон. Р-та ж-а коңшулаш чыгыш славян урууларында таптардын пайда болушу Байыркы Русь мамлекетинин түзүлүшүнө алып келген (к. *Киев Русу*). 12-к-дын башында «Р.» деген ат Чыгыш Европадагы бардык славяндарга тараган. 13-к-дын башында Байыркы орус мамлекетинин түп.-чыгыш тарабындагы жерлер да Р. деп аталган. Кийин ал мамлекеттин көз бир болуктөрү Белая Р., Малая Р., Чёрная Р. деп атала баштаган. «Р.» «русский», «русские» деген терминдерге да негиз болгон.

РУТАЛАР (Rutaceae) — өсүмдүктөрдүн эки үлүштүүлөр классындагы тукуму. Дарак, бадал, көзде чөп. Жөнөкөй же татаал, эфир майлуу бездери бар жалбырагы кезектешип жайгашкан. Гүлү эки жыныстуу, гүл коргону 4—5, көзде 2—3 мүчөлүү, аталыгы көбүнчө экөө, энелиги 1—5 же көп мөмө жалбыракчалуу. Жер бетинде 1600 түрү негизинен тропик ж-а субтропик алкактарда таралган. СССРде 40ка жакын, Кырг-нда 11дей түрү бар. Кырг-нда Р-дын уулуу (ичке жалбырактуу диктамнус), дары-дармек алынуучу (жыттуу диктамнус, лимон, цитрон) ж. б. түрү өсөт. Айрым тропик Р-дан баалуу жыгач алынат. Р-дан *цитрус өсүмдүктөрү* маанилүү.

РУТЕНБЕРГ Чарлз Эмиль (9. 7. 1882, Огайо шт., Кливленд ш.—2. 3. 1927) — АКШ жумушчу кыймылынын ишмери, Америка компартиясын (АКП) негиздөөчү. Жумушчу үй-бүлөсүнөн. 1909-ж. Соц. партияга кирип, аның сол тарабынын жетекчилеринин бири болгон. Биринчи дүйн. согуш (1914—18) мезгилинде согуштун импер. мүнөзүн ашкерелеп, ага АКШнын катышуусуна каршы чыккан. Окт. рев-ясынан кийин антисов. интервенцияга каршы күрөшкө активдүү катышкан. 1919-ж. АКПнин ген. секретары. 1920-ж. Коминтерн Аткомуна мүчө болуп шайланган. 1921—23-ж. Америкanын биринчи компартиясынын БКсынын ж-а Америка жумушчу партиясынын (АЖП) БКсынын секретары. АЖПнин 3-съездинен соң (1923, дек.— 1924, янв.) Американын бирдиктүү жумушчу (коммунисттик) партиясынын БКсынын секретары. 1918, 1920—22 ж-а 1926—27-ж. түрмөдө болуп, ошол жерде өлгөн. Кереэзи б-ча сөөгү Москвада, Кызыл Аянттын Кремль дубалына коюлган.

РУТЕНИЙ (лат. Ruthenium), Ru — Менделеевдин мезгилдик системасынын VIII тобундагы хим. элемент, ат. п. 44, ат. м. 101,07; платина металлдарына кирет. Р-ди орус химиги К. К. Клаус 1844-ж. ачып, Россиянын урматына атаган. Табигый Р. 7 изотоптон турат. Жер катмарында массасы б-ча $5 \cdot 10^{-7}$%. Р.— күмүш сымал жалтырак металл, эрүү t 2430°C, кайноо t 4200°C, тыгыз. 12,4000 *кг/см*^{3}. Хим. жактан инерттүү, кислоталарда эрибейт. Ысытканда кычкылтек, хлор, фтор, күкүрт м-н реакцияга кирет. Платина металлдарынын чала продуктуларын ж-а никель о. ж-ныи калдыктарын иштетүүдөн алынат, к. *Платина металлдары*.


РУТИЛ (лат. rutilus — саргыч кызыл, ачык кызыл) — минерал, титандын көп кычкылынын (TiO_2) полиморфтук модификациясынын бири. Тетрагон системасында кристаллдашат. Оңү сары, кызыл, күрөң, кара күрөң; алмаз сымал жылтырайт. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 6—6,5; салыштыр. салм. 4,2—5,6. Р. интрузия тоо тектеринин составында акцессор минералы катары кеңири таралган. Пегматит ж-а гидротерм тарамдарында кездешет. Р.— титан рудасынын негизги минералы. Синтет. Р. зергерчиликте колдонулат.

РУФИДЖИ — Чыгыш Африкадагы дарыя, Танзанияда. Ньяса (Малави) көлүнүн чыгышындагы тоолордон башталган Лувегу ж-а Киломберо сууларынын кошулушунан пайда болуп, Инди океанына куят. Уз. (Лувегунун башталышынан) 1400 *км*, алабынын аянты 178 миң *км*^{2}. Жамгыр суулары менен куралат. Жай — күз мезгилдеринде ташкындайт (эң чоң чыгымы марттан июнга чейин).


РУШАН КЫРКА ТООСУ Батыш Памирде, Тажик ССРинин аймагында. Уз. 120 *км*, бийикт. 6080 *м*ге чейин (Патхор чокусу). Гранитоид, метаморфизмделген ж-а чополуу сланецтер, кварцит, кумдук, аки таш тегиз, гнейс тоо тектеринен түзүлгөн. Кырына рельефтин альп тибиндеги формалары мүнөздүү. Мөңгү көп. Капталдарында бийик тоолуу чөл ж-а жарым чөл (2600 *м*ге чейин), талаа (2600—3000 *м*) ж-а шалбаа (3200—4000 *м*) өсүмдүктөрү, дарыя өрөөндөрүндө чырганак, кайың, бай терек, долоно өсөт.

РЫБАКОВ Борис Александрович [21. 5(3. 6). 1908-ж.т., Москва] — сов. археолог, тарыхчы ж-а коомдук ишмер. Соц. Эмг. Баатыры (1978). СССР ИАнын акад. (1958). 1951-жылдан КПСС мүчөсү. МГУну бүтүргөн (1930), МГУнун проф. (1943). 1956-жылдан СССР ИАнын Арх-я ин-тунун директору, СССР ИАнын тарых бөлүмүнүн акад.-секретары (1973—75). Негизги эмгектери чыгыш славяндардын ж-а байыркы орустардын социалдык-экон. ж-а саясий тарыхына арналган. Р.— Чехосл-я (1960) ж-а Польша (1970) ИАларынын акад. Краковдогу Ягелло ун-тинин ардактуу доктору (1964). 1963-жылдан славян таануучулардын Эл аралык комитетинин мүчөсү. 1958-жылдан «СССР — Греция» коомунун президенти. Эки Ленин ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган. СССР мамл. сыйл. (1949, 1952), Лениндик сыйл. (1976) лауреаты.

РЫБАЛКО Павел Семёнович [23. 10(4. 11). 1894, Малый Исторөп кыш. азыркы Сумы обл., Лебединский р-ну— — 28. 8. 1948, Москва] — сов. аскер начальниги, бронетанкалык аскерлердин маршалы (1945), эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1943, 1945). 1919-жылдан КПСС мүчөсү. Жумушчу үй-бүлөсүнөн. 1914-жылдан армияда. Биринчи дүйн. согушка (1914—18) ка-



Румыния макаласына. 1. Фэгэраш тоо массивинин кыры. 2. Кара деңиздин жээгиндеги Мамай курорту. 3. Сату-Маре. 4. Аржеш д-нын өрөөнү. 5. Дева. 6. Одобешти мамл. чарбанын жүзүм талаасы. 7. Крайовадагы хим. комбинат. 8. Питешти ш-ндагы автомобиль з-дунда. 9. Решица ш-ндагы машина куруу комбинаттын цехинде.


1


2


3


4


5


6


7


8

Румыния макаласына. 1. Ясса ш. «Үч ыйык» чиркөөсү. 1639. 2. Козий монастырынын чиркөөсү. 14-к-дын аягы. 3. Бухарестеги турак үй. 1970-жылдардын башы. 4. Й. Андрееску. «Жашыл жоолукчан дыйкан аял». 1880—81. 5. Д. Гьяцэ. «Ярмарка». 6. Г. Вида. «Оштагы бий». Жыгач. 1948. (РСР иск-во музейи, Бухарест). 7. «Лупень, 29» фильминен кадр. Реж. М. Дрэган. 1963. 8. Й. Л. Караджале. «Жоголгон кат» спектаклинен көрүнүш. Й. Л. Караджале атн. Улуттук театр. Бухарест. 1948.

тышкан. 1917-ж. декабрдан Кызыл Гвардиянын, 1919-жылдын январынан Кызыл Армиянын катарында. Гражд. согушта (1918—20) полктун ж-а бригаданын комиссары. Жог. начальниктик составдын билимин оркундотүү курстарын (1926 ж-а 1930), М. В. Фрунзе атн. Аскер академиясын (1934) бүткөн. Улуу Ата Мек. согуш убагында (1941—45) Брянск, Түш.-Батыш, Воронеж, 1-Белорус ж-а 1-Украин фронтторунда танкалык армиялардын командачысына орун басар, командачы. 1946-жылдан бронетанкалык ж-а механикалуу аскерлер командачысына биринчи орун басар, 1947-жылдан командачы. СССР Жог. Советинин (2-шайл.) депутаты. Эки Ленин ордени, 3 Кызыл Туу, үч 1-дараж. Суворов, 1-дараж. Кутузов ж-а 1-дараж. Богдан Хмельницкий ордендери, медалдар ж-а ЧССРдин 3 ордени м-н сыйланган.

РЫБАЧЬЕ, Балыкчы — Кыргыз ССРинин Ысык-Көл обл-ндагы шаар. Ысык-Көлдүн батыш жээгинде деңиз деңг. 1620 *м* бийикте жайгашкан. Т. ж. станциясы (Луговая — Рыбачье т. ж-нун акыркы пункту), порт. Автомобиль жол тоому. Фрунзе ш-нан 175 *км*, Пржевальскиден 220 *км*, Нарындан 180 *км* аралыкта. Негизинен кыргыз, орус ж. б. улуттар жашайт. Январдын орт. темп-расы —3,9°... —5,8°С, июлдуку 17,5—18°С; шамал (*ураан*, орт. ылдамд. 20 *м/сек*), жел (көбүнчө бриз) көп болот. О. ж-нан тамак-аш ө. ж. маанилүү орунда (ө. ж. дүң продукциясынын 75% туура келет). Ири ишканалары: эт комбинаты, 2 элеватор, тегирмен, сүт, тоют, темир-бетон, жыгач буюмдар, керамзит, нан, момо-шарап, момо консервалоо з-ддору ж. б. 1960-жылдан кеме куруу ж-а ремонттоо з-ду иштейт (Сыр-Дарыя, Печора, Енисей ж. б. кеме ишканаларынын заказдарын да аткарат). Үй тиричилик комбинаты, ондон ашык курулуш уюму (Балыкчы курулуш-монтаж, ремонттук курулуш башкармалары, Кыргыз көрөк-жарак союзунун Рыбачьедеги механикалашкан көчмө колоннасы ж. б.) бар. Шаарда 5 орто, 3 сегиз жылдык, муз., спорт мектептери, курулуш адистерин даярдоочу окуу жайы, бир нече китепкана, 4 клуб, 2 кинотеатр, элдик театр, мад-т үйү, шаардык ооруканa, 2 поликлиника, балдар ооруканасы, о. ж. ишканалары м-н мектептердин алдында бир нече мед. пункт иштейт. Р. 1871-ж. негизделген, 1954-жылдан шаар.

Ад.: Гужин Г. С., Чормонов Б. Ш., Рыбачье шаары, Фр., 1972.

РЫБАЧЬЕ БУЛУҢУ, Балыкчы булуңу — Ысык-Көлдүн батыш жээгиндеги, кургактыкка анча терең кирбеген жайык булуң. Орт. уз. 3,5 *км*, туурасы 1,5—4 *км*, аянты 10 *км*² чамасында. Жээктерин кумдуу шагыл, андан ары саздак түздүк эээлейт. Тайыз (1—6 *м*); эң терең жери 9 *м*че. Суусу жайында 21—22°Сге чейин жылыйт. Туздуулугу 6,2—6,3‰. Түн.-батыш жээгинде *Рыбачье* ш. жайгашкан.

РЫБИНСК (1946—57-ж.— Щербаков) — РСФСРдин Ярослав обл-ндагы шаар. Волга д-нын ойуз-бүйүзүндө. Т. ж. станциясы. Калкы 239 миң


Рыбачье порту.

РЫБИНСК СУУ САКТАГЫЧЫ Ярославль, Вологда ж-а Калинин обл-тарынын аймагында. Волга ж-а Шексна д-ларында Рыбинск гидротүйүнүнүн тосмосун куруудан пайда болгон. Аянты 4580 *км*², колому 25,4 *км*³, уз. Волганын нугу б-ча 110 *км*, Молога б-ча 226 *км* ж-а Шексна б-ча 328 *км*, эң жазы жери 60 *км*, орт. терең. 5,6 *м*. Деңгээли 4—5 *м*ге өзгөрөт. Балык кармалат. Жээгинде Череповец, Весьегонск, Углич, Пошехонье-Володарск ж-а Рыбинск ш-лары орун алган.

РЫЛЬСКИЙ Максим Фадеевич [7(19). 3. 1895, Киев — 24. 7. 1964, ошол эле жер] — украин совет акыны, илимпоз, коомдук ишмер, УССР ИАнын (1943), СССР ИАнын (1958) акад. 1943-жылдан КПСС мүчөсү. Этнографтын үй-бүлөсүнөн. Киев университи филол.-тарых ф-тетинде окуган. Чыгармалары 1907-жылдан жарыялана баштаган. 20-жылдардын башында украин неоклассиктеринин таасиринде ырлар жазган. 30-жылдардагы чыгармаларында сов. патриотизмди, эл достугун кеңири чагылдырат: «Салмак белгиси» (1932), «Киев» (1935), «Жүзүм жыйноо» (1940) ж. б. жыйнактары. Улуу Ата Мек. согуш мезгилиндеги патриоттук темада жазган «Мекен-эне жөнүндө соз» (1942), «Таңкы шоола» (1942), «Жаркыш курал» (1942) ыр жыйнактары үчүн СССР мамл. сыйлыгын алган (1943). 50-жылдардагы ырлары Р-дин чыгармачылыгындагы көркөм бийиктик болду. «Атыр гүл жана жүзүм» (1957), «Алыскы мунарыктар» (1959) деген ыр жыйнактары Лениндик сыйлыкка арзыды (1960). «Голосеев токою» (1959), «Топ каркыра» (1960), «Торгойдун көлөкөсүндө» (1961), «Кышкы эскермелер» (1964), «Кечки маектер» (1962, 1964), «Адамдагы жакшылык жөнүндө» (1965) ж. б. ыр жыйнактарында жаңы турмуш кеңири арым м-н көтөрүңкү пафосто сүрөттөлөт. Ал А. С. Пушкиндин, М. Ю. Лермонтовдун, А. Мицкевичтин, Ю. Словацкийдин чыгармаларын украин тилине которгон, ад-т, тил илимдери, фольклористика, иск-во таануу б-ча да маанилүү эмгектер берген. А. Мицкевичтин «Пан Тадеуш» поэмасынын котормосу үчүн ага СССР мамл. сыйлыгы (1950) ыйгарылган. Чыгармалары СССР ж-а чет эл тилдерине которулган. Р. УССР жаз. союзуна пред-ль (1943—46), УССР ИАнын Иск-во таануу, фольклор ж-а этнография институна директор (1944—64) болгон. СССР Жог. Советинин (2—6-шайл.) депутаты. Үч Ленин ордени, башка 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.


М. Ф. Рыльский.

Чыг.: в рус. пер.—Избр. произв., т. 1—2, М., 1957; Соч., т. 1—4, М., 1962—63; Стихотворения и поэмы, Л., 1969; Поэзия Адама Мицкевича, М., 1956; О поэзии, М., 1974; Ырлар, Фр., 1966.

Ад.: Новиченко Л., Повість про поета, К., 1941; Крижанівський С., Максим Рильський, К., 1960; Висикало С., Максим Рильський, К., 1962.

РЫМНИК САЛГЫЛАШЫ (1789) — орус-түрк согушунда (1787—91) түрк армиясынын башкы күчтөрүнө (100 миңге жакын аскер) каршы А. В. *Суворовдун* командачылыгы м-н орус аскер отриды ж-а австриялык корпустун (бардыгы 25 миң адам) 1789-ж. 11(22)-сентябрда Румыниядагы Рымник д-нын жанындагы беттешүүсү. Түрк армиясынын чачыранды жайга-

шуусунан пайдаланган Суворов аларды бөлүп-бөлүп талкалаган. Р. с. 1789-жылдагы согуш кампаниясынын нйгилигин шарттаган.

РЫНОК — товар алмашуу чойросу. Аймак чегине карата жерг., улуттук (ички) ж-а дүйн. (тышкы) болуп айырмаланат. Соода-сатык жүргүзүлүүчү жер да Р. (базар) делет. Р. эмгекти коомдук бөлүштүрүүнүн негизинде товар өндүрүүчүлөрдүн үстөм ж-а аныктоочу байланыш формасы катары кызмат кылат. Р. механизминин негизги элементтеринө баа, муктаждык, сунуш кирет. Өндүрүүчүктердүн өнүгүшү, кошумча нарк үчүн күрөш Р-тун байланыш формасынын өөрчүшүнө түртку болот.

Капитализмде ички Р-тун өнүгүшү социалдык-экон. карама-каршылыктын күчөшүнө алып келет. Мында буржуазиянын колунда коомдук байлык топтолот да, өндүрүш каражатынан ажыраган ж-а кара күчүн сатууга аргасыз пролетариат саны көбөйөт. Капитализмде Р. системасы — товар Р-у, жумушчу күч Р-у, капитал Р-унан түзүлөт. Мында товар Р-у өндүрүш каражаттары Р-уна ж-а керектөө Р-уна бөлүнөт. Капитализмдин өнүгүшүндө товар өндүрүүчүлөрдүн айрым бөлүгү буржуазия катарына өтүп, көбүнчө өндүрүш каражаттарынын Р-гун түзсө, товар өндүрүүчүлөр булүнүп, пролетариатка айланат да, керектөө Р-ун түзөт. Булардын ичинен жумушчу күч Р-у бөтөнчө орун ээлейт. Анткени жумушчу күчү муктаждыктан ашык болуп (к. *Жумушсуздук)* турат. Ири машина индустриясынын өнүгүшү м-н өндүрүш улуттук (мамл.) көлөмдөн ашыра өндүргендүктөн *дүйнөлүк капиталисттик рынок* түзүлөт. Мында товар *дүйнөлүк баанын* негизинде жүгүртүлөт, анархия ж-а конкуренция үстөмдүк кылат.

Социализмде коомдук чарбанын пландуу уюштурулушунан ж-а элдик менчик орногондуктан Р-тун багыты, аракет чөйрөсү ж-а мүнөзү өзгөрдү. Р-тон табигый байлык м-н негизги фонду алынып ташталып, жумушчу күч Р-у да жоюлду. Социализмдин дүйн. системасынын пайда болушу ж-а эмгекти эл аралык соц. бөлүштүрүүнүн өөрчүшү м-н *дүйнөлүк социалисттик рынок* түзүлдү. Товар экспорт-импорт планына ылайык көп жылдык ж-а кыска мөөнөттүү соода келишимдеринин негизинде алмашылат. Капит. ж-а соц. дүйн. эки Р-тун пайда болушу бүткүл дүйн. Р-то бул эки системанын ортосундагы экон. мелдешти күчөттү.

Ад.: Маркс К., Капитал, т. 1—3, Маркс К., Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 23—25; Золотарев В. И., Мировой социалистический рынок, М., 1970.

РЫНОК НАРКЫ, к. *Нарк.*

РЫСАЛИЕВ Кулан (20. 4. 1929, Талас р-ну, Кырк-Казык кыш.— 18. 5. 1975, Фрунзе) — кыргыз совет ад-тчысы, филол. илимд. доктору (1965), проф. (1968). Дыйкан үй-бүлөсүнөн. КМПИ-ни бүткөн (1950). 1950—54-ж. СССР ИАнын аспиранты, 1954—55-ж. Кыргыз ССР ИАнын Тил, ад-т ин-тунда ил. кызматкер, 1955—59-ж. Кыргыз мамл. сырттан окуу пед. ин-тунда, 1959—70-ж. КМУда, 1970—75-ж. Кыргыз мамл. В. В. Маяковский атн. кыз-келиндер ин-тунда иштеген. Р-дин поэтикалык котормо, кыргыз ыр түзүлүшүнө, ад-т теориясына байланыштуу эмгектери бар.

Чыг.: Кыргыз ырларынын түзүлүшү, Фр., 1965; Оригинал жана котормо, «Ала-Тоо», 1956, № 9.

РЫСКУЛБЕКОВ Муса (23. 12. 1911-ж. т., азыркы Аламүдүн р-ну, Ала-Арча кыш.) — экономист, экон. илимд. кандидаты, проф. (1965). 1942-жылдан КПСС мүчөсү. 1936-ж. Самаркан эл чарба ин-тун бүтүп, ошол ин-тта саясий экономия мугалими. 1938—41-ж. Кыргыз экон.-финансы техникумунда мугалим, директор. 1941—43-ж. Фрунзе обл. пландоо комитетинин пред-ли, облаткомдун ө. ж. б-ча орун басары, 1943-жылдан Кыргыз ССР эл агартуу комиссары, 1945-ж. Москвадагы КПСС БКга караштуу парт. мектепте окуган. 1946—49-ж. Кыргыз ССР Мин. Советинин мамл. пландоо комитетинин пред-лининн орун басары, 1949—58-ж. КММИнин марксизм-ленинизм кафедрасынын, СССР ИАнын Кыргыз филиалында экон. секторунун башчысы, 1958—61-ж. КМУда ил. ин б-ча проректор, 1961-жылдан гуманитардык ф-теттердин салсий экономия кафедрасынын башчысы. Р-дун ил. эмгектери негизинен капит. эмес жол м-н өнүгүүнүн лениндик теориясы, Кырг-н ж-а О. Азия респ-каларынын экон. тарыхы, экон. кызматташуу, соц. интеграция ж. б. маселелерге арналган. Р.— СССР жог. окуу жайлар мин-восунун ж-а Кыргыз ССР эле билим берүү мин-восунун ил.-тех. советтеринин мүчөсү. Эмгек Кызыл Туу, 2 «Ардак Белгиси» ордени, медалдар ж-а Вавилов атн. медаль ж. б. м-н сыйланган.

Эмг.: Экономическое сотрудничество Киргизской ССР с союзными республиками и странами социализма, Фр., 1962; Экономическая политика КПСС — главное условие успешного построения коммунизма, Фр., 1974.

РЫСКУЛОВ Муратбек (23. 11. 1909, азыркы Нарын обл., Жумгал р-ну, Кайырма кыш.— 1. 2. 1974, Фрунзе) — кыргыз совет актёру, СССР эл арт. (1958). 1964—74-ж. Кыргыз ССР театр коомунун президиумунун пред-ли. 1947-жылдан КПСС мүчөсү. 1936-ж. Кыргыз муз. драма театрына кирген. 1941-жылдан Кыргыз драма театрынын актёру. Алгачкы ролдору — Чойбек (М. Токобаев, «Кайгылуу Какей», 1936) м-н Момуштан (Ж. Бөкөнбаев, «Алтын кыз», 1937) эле Р-дун кайталангыс артисттик өнөрүнүн урунт белгилери көрүнгөн. Ал бир катар монументтүү драмалык образдарды — Отелло (У. Шекспир, «Отелло», 1950), Егор Булычов (М. Горький, «Егор Булычов жана башкалар», 1953), Акылбек (Б. Жакиев, «Атанын тагдыры», 1960), Король Лир (У. Шекспир, «Король Лир», 1963) ж. б. түзгөн. Р-дун чыг-лыгы көп кырдуулугу, каармандардын мүнөздөрүнө ылайык ийкемдүүлүгү м-н айырмаланат. Көйпкерлердин кылык-жоруктары анын аткаруусунда турмуштагыдай табигый сезилет. Тоби (У. Шекспир, «Он экинчи түн», 1943), Шаар башчысы (Н. Гоголь, «Текшерүүчү», 1945), Рысбек (Р. Шүкүрбеков, «Менин айылым», 1948), Кнуров (А. Островский, «Сепсиз кыз», 1951), Борбаш, Түлкубаев, Шермат (Т. Абдумомунов, «Борбаш», 1951; «Тар капчыгай», 1953; «Жыгылган оогонго күлөт», 1969), Эшкожо (Р. Шүкүрбеков, «Акындын умуту», 1962) сыяктуу образдарды түзүп, комик актёр катары да таанылган. Карөзгөй эл чыкынчысынын мүнөзү Тейитбекте (К. Жантөшев, «Курманбек», 1944) таасын берилген. Р. кинодо да бир катар образдарды түзгөн. Алгач 1950-ж. «Алитет тоо таянды» кинофильмиңде Ваалдын ролун аткарган. «Салтанат» (1955) фильминде бири бирине окшошогон эки мүнөздү: колхоз пред-ли Түгөлбай м-н карыя чабан Асандын ролун ойногон. «Муз жүрөк жөнүндө баян» (1958) фильминде Ашыктын образын ачык гротеск планында атайын ашырып берсе, «Алыскы тоолордогу» (1958) мыкаачы, зулум Сарыгул байды омоктуу көргөзүп, «Тянь-Шань кызындагы» (1960) Ашырбай абышка үчүн илберинки психол. белгилерди таба алган. «Менин жакылыштыгым» (1952) фильминде оң каарман Сабырдын кыязыктуу образын түзгөн. Кыргыз мүнөзүнүн эң сонун касиеттери «Бакайдын жайлыты» (1967) фильминдеги Бакайдын турпатынан көрүнөт. Кыргыз ССР Жог. Советинге (5—8-шайл.) депутат. Р. — Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамл. сыйл. лауреаты (1969). Ленин ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган. Ал түүралуу «Муке» аттуу телефильм тартылган. Ысымы Фрунзе ш-ндагы бир кочого, Нарын драма театрына коюлган.

Ад.: Джумабаев Б., Муратбек Рыскулов, Фр., 1958; Иманкулов Дж., Наш Муратбек, Фр., 1970; Брудный Д., Муратбек Рыскулов, М., 1974.

РЫСКУЛОВ Турар [14(26). 12. 1894, Верный у., Чыгыш Талгар болушу (азыркы Алматы обл.) — 10. 2. 1938] — сов. мамл. ж-а парт иширер. 1917-жылдан КПСС мүчөсү. Кочмон кедей дыйкандын үй-бүлөсүнөн. Р. 12 жашынан байда жалчылык кылган. 1910—14-ж. Пишпектеги (Фрунзе) а. ч. мектебинде окуган. 1916-ж. Каз-н м-н О. Азияда улуттук-бошт. көтөрүлүш башталганда Р. ага активдүү катышып, ошол жылы Олуя-Ата-да падыша өкмөтү тарабынан туткундалган. Февр. рев-ясынан кийин казак жаштарын бириктирип, алардын союзун уюштурган. 1917-ж. ноябрдан 1918-ж. июнга чейин Олуя-Ата у-дик депутаттар советинин аткомуна пред-ль, андан соң Түркстан

респ-калык саламаттык сактоо эл комиссары, 1919-жылдын мартынан 1920-жылдын февралына чейин РКП(б)нин мусулман бюросунда, 1920-ж. Түркстан респ-касынын Борб. Аткомуна пред-ль. 1920-жылдын аягынан 1921-жылга чейин улут иштери комиссариатынын Азерб-н респ-касы б-ча окуулу, 1921-жылдан 1922-ж. сентябрга чейин РСФСРдин Улут иштери комиссариатынын кызматкери, коллегия мүчөсү ж-а эл комиссарынын 2-орун басары, 1922-ж. сентябрдан 1924-ж. апрелге чейин Түркстан респ-касынын ЭКСине пред-ль болгон. Р. 1924-ж. апрелден 1926-ж. мартка чейин Коминтерндин Аткомунун Орто Чыгыш болүмүнүн башчысына орун басар, 1924-жылдын ортосунан 1925-ж. июлга чейин Коминтерндин Монголиядагы окуулу да болгон. 1926-ж. (март—июнь) РКП(б) Казак респ-калык басма соз болүмүнө башчы ж-а «Эмгекчи казак» (азыркы «Социалисттик Казакстан») газетасына жооптуу редактор, 1926-жылдын июнунан 1937-ж. июлга чейин РСФСР ЭКСтин пред-лине орун басар.

Р. практикалык ж-а теориялык иштеринде, айрыкча 1920—21-ж. улуттчулдукка кириптер кылган айрым кемчиликтерди кетирген. Ал түрк компартиясын ж-а түрк респ-касын түзүүнү талап кылган жерг. кызматкерлердин тобун башкарган. Бул талап партиянын лениндик улут саясатына кайчы келген. Анын мындай каталары убагында РКП(б) БКда, Түркстан КП БКда ж-а Түркстан комиссиясында каралып, айыпталгандан кийин ал катасын мойнуна алып, багытынан баш тарткан.

Р.— КПССтин 10, 12, 13, 15—17-съезддеринин делегаты, РКП(б) БКнын Түркстан бюросунун, О. Азия бюросунун, Бүткүл россиялык БАКтын, СССР БАКтын мүчөсү. РСФСР Жог. Советинин (1-шайл., 1937) депутаты, Түркстан, Азерб-н ж-а Каз-н компартияларынын, ошол респ-калардын ж-а РСФСР Советтеринин съезддеринин, Чыгыш элдеринин 1-съездинин делегаты болгон. Алматы ш-нын бир кочосу, Алматы обл-ныи Талгар р-ндагы колхоз, Жамбыл обл-ндагы орто мектеп Р-дун ысымынан аталган.

Эмг.: Революция и коренное население Туркестана (Сб. важнейших статей, докладов, речей и тезисов), ч. 1, 1917—1919, Таш., 1925; Восстание туземцев в Средней Азии в 1916 году, Кзыл-Орда, 1927; Мусульманское бюро РК(б)П в Туркестане, Таш., 1922; Казахстан, М.—Л., 1927; Туркестан и Казахстан «Борьба планов», 1936, № 5.

Ад.: Бейсембаев С. Б., Колбаев С. Б., Турар Рыскулов, А., 1974.

РЫСКУЛОВА Какиш (15. 10. 1918-ж. т., Кант р-ну Четинди кыш.) — хирург, мед. илимд. доктору (1967), проф. (1968), Кыргыз ССР ИАнын акад. (1969; корр. мүчө, 1954), Кыргыз ССРинин эмг. сиң. врачы (1957). 1945-жылдан КПСС мүчөсү. 1938-ж. Фрунзе мед. окуу жайын бүтүп, Баткен р-нунда фельдшер болуп иштеген. 1944-ж. КММИни бүтүп, ф-теттик хирургия кафедрасында аспирант (1946—49), ассистент (1949—62), доцент (1962—67), 1967-жылдан кафедра башчысы. Р.—60тан ашуун ил. эмгектин автору. Анын негизги эмгектери ампутация учурунда кесилген нервдердин учтарын өзүнчө тазалоо, алардын сезим касиеттерин калыбына келтирүү, кан тамырларды тигүү, улаштыруу методдорун өздөштүрүү, о. эле аш казан, он эки эли ичеги, эмчек жараларын ж-а эхинококкозду хирургиялык жол м-н дарылоо маселелерине арналган. Р. айрыкча нерв ж-а кан тамырларынын хирургиясына багытталган ил. изилдөөлөрү, аларды тигүүдөгү жаңы методдорду табуу, өздөштүрүү ж-а практикага киргизүү жагынан мед. илимге кецири белгилүү. Мед. илимдин 8 кандидатын даярдаган (1977). Кыргыз ССР Жог. Советинин (3, 5—6-шайл.) депутаты, Кыргыз ССР Жог. Советинин Президиумунун пред-лининн орун басары (1959—67), Кырг-н Компартиясынын Борб. Комитетинин мүчөсү (1959—62), Кыргыз ССР ИАнын Президиум мүчөсү (1969—74). Кыргыз ССРинин тынчтыкты сактоо комитети м-н Азия ж-а Африка өлкөлөрүнө тилектештигинин респ-калык комитетинин мүчөсү. Респ-канын Хирургия ж-а гастроэнтерология ил. коомунун пред-лининн орун басары. Ленин ордени, 2 «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Эмг.: К технике обработки культи нерва при ампутации, Фр., 1951; Заживление раны стенки артерий и вен при механическом и ручном сшивании в эксперименте у щенков, в кн.: Сосудистая и нервная система, М., 1968; Современные проблемы гастроэнтерологии и некоторые пути их разрешения в Киргизии, Фр., 1976.



М. Рыскулов.



К. Рыскулова.



Ү. К. Рысмамбетова.

Р.— Сагынбай Ороозбак уулунун шакирттеринин бири. Андан 1939—47-ж. «Семетейдин» бир нече эпизоду («Семетейдин балалык чагы», 9461 сап ыр; «Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү», 30109 сап ыр ж. б.) кагазга түшүрүлгөн. Р. «Манастын» айрым эпизоддорун да жакшы айта билген. Буга кийин андан жазылып алынган «Алмамбет менен Сыргактын чалгынга барышы» (3761 сап ыр), «Козымандар окуясы» (5600 сап ыр, үзүндү түрүндө) деген эпизоддор кубө. Р-ден жазылган материалдар Кыргыз ССР ИАнын Тил ж-а ад-т ин-тунун кол жазмалар фондусунда сакталуу. Ал материалдар Р-дин «Семетей» б-ча корком баасы жог. оз варианты түзгөнүн далилдейт. Анын айтуусунда «Үргөчтө» деген ат м-н «Семетейден» үзүндү өзүнчө китепче болуп (1941) жарык көргөн. «Семетей» б-ча жазылган материалы «Манастын» кыскарта бириктирилген төрт томдугун чыгарууда толук пайдаланылган.

РЫСМЕНДЕЕВ Шапак — манасчы, к. *Шапак* Рысмендеев.

РЫСПАЕВ Сапарбек (17. 12. 1929-ж. т., Ысык-Көл обл., Жети-Өгүз р-ну, Жети-Өгүз кыш.) — гигиенист, мед. илимд. доктору (1972), проф. (1973). КММИни бүткөн (1952). КММИнин жалпы гигиена кафедрасынын аспиранты (1952—55), Кыргыз ССР ИАнын Крайлык мед. ин-тунда кенже, ст. ил. кызматкер, лабор-я башчысы (1955—57). 1957-жылдан КММИнин жалпы гигиена кафедрасында доцент, кафедра башчысы, профессор (1978). Негизги ил. эмгектери тамактануу гигиенасына ж-а Кырг-нда санитариялык демография маселелерине арналган. Р.— респ-калык гигиена ил. коомунун жетекчиси.

Эмг.: Здравоохранение Киргизской ССР. Стат. справочник, 1962 (совм. с Н. М. Мусаевым); Возрастная структура населения и потребность в профилактической помощи, в кн.: Актуальные вопросы здравоохранения и здоровья населения, Фр., (совм. с В. И. Чураковым).

РЫТХЭУ Юрий Сергеевич (8. 3. 1930-ж. т., Чукча автономия округу, Уэлен пос.) — чукча совет жазуучусу. Мергендин үй-бүлөсүнөн. 1967-жылдан КПСС мүчөсү. ЛГУнун ад-т ф-тетинде окуган (1949—54). Чыг-ларын 1947-жылдан жарыялай баштаган. Анын «Биздин жээктин адамдары» (1953), «Адам аты» (1955), «Чукча са-

гасы» (1956) ж. б. ангеме жыйнактары, «Көктөм» (1958—67) үчилтиги, «Кичине коёндор ороонүндө» (1962), «Айвангуу» (1964), «Эң кооз кемелер» (1967), «Туман каптаардагы түш» (1969), «Прегедеги бубак» (1970), «Гарпунчу аял» (1971) сыяктуу роман, повесть, очерктери ж-а киносценарийлери бар. Буларда чукча элинин өткөндөгү ж-а азыркы турмушу, соц. мад-тка өтүшү баяндалат. Чыг-лары СССР (кыргыз тилине да) ж-а чет эл тилдерине которулган. «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган.


Лб.: Сёмушкин Т., Люди создают новую жизнь, «Известия», 1958, 26 сент.; Варламова И., Обаяние достоверности, «Новый мир», 1970, № 8; Пархоменко М., Рождение нового эпоса, в сб.: Единство, М., 1972.

РЫЦАРЛАР — о. кылымда Батыш ж-а Борб. Европа өлкөлөрүндөгү бардык ак сөөк феодалдардан (кең маанide Р.) же майда феодалдардан (тар маанide Р.) турган социалдык категория. Р. аскердик кызмат өтөгөнү үчүн сеньорлордон (ири жер ээлеринен) жер алган. Р-дын негизги жумушу согуш, башка өлкөлөрдү жерин каратуу (мис., крест казаттары) ж-а дыйкандар м-н шаар калкынын көтөрүлүшүн басуу болгон. Дыйкандарды эзүүдөн, феод. согуштун олжолорун бөлүштүрүүдөн, конөстөрдү каректоодон киреше алышкан. Р-га эрдик, тартынбастык, христиан чиркөөсүн ж-а анын кызматкерлерин коргоо милдет катары саналган. Р-ды тарбиялоого өзгөчө көңүл бурулган: аларды 7 жашынан атка минүүгө, шпага сайууга, жаа тартууга ж-а христиан динине үйрөткөн. Турнир (согушуу ыкмаларын сыноочу мелдеш) Р-ды даңазалоонун бирден бир жолу болгон: анда жеңгендер даңкталып, ачкалай сыйлык алган. Р. 11—14-к-да өтө гүлдөгөн. 14-к-дын аягында феод. мамилелердин ыдырашына ж-а тез атылма куралдардын таралышына, замбиректердин (Р. замокторун талкалаган), туруктуу армиянын пайда болушуна байланыштуу Р-дын ролу төмөндөгөн. 16—17-к-да алар ак сөөк катмарына айланган.

РЫЦАРЛАР КӨТӨРҮЛҮШҮ (1522—23) — жакыр немец ак сөөктөрүнүн князь бийлигине каршы көтөрүлүшү. Ал Германияда *Дыйкандар согушу (1524—26)* болор алдындагы жалпы элдик реформациячыл кыймылдын жогорулаш шартында рыцарлардын экон. ж-а саясий абалынын начарлаганынан чыккан. 1522-ж. Ф. фон Зиккинген баштаган рыцарлар аскери Трирдин архиепископу м-н курфюрстуна каршы аттанган. Бирок аларды шаар калкы ж-а рыцарлардын көчүлүгү колдобогон соң князддардын аскерлери жеңилген. 1523-ж. Зиккинген оор жарадар болуп, Р. к-нүн активдүү катышуучулары куугунтуктальп, көтөрүлүш басылган.

РЫЦАРЬ (нем. Ritter, алгачкы мааниси — чабендес) — о. кылымда Батыш ж-а Борб. Европадагы феодал, оор курал-жарактуу атчан жоокер (к. *Рыцарлар).* Р-лар чойросүндө рыцарчылыкты кең пейилдик, ар-намыстуулукту парыскерчилик м-н идеалдаштырган түшүнүк калыптанган. Ушундан улам Р. күрөшө өз жанын аябаган айкөл адам, кандайдыр бир кармаш майданынын ишмери деген өтмө маани пайда болгон.

РЫЧАГ — аз күч м-н көп күчтү тең салмактандыргыч жөнөкөй механизм; кыймылсыз таянуч чекиттин айланасында айлануучу катуу персе. Ар кандай формадагы Р-дын негизги касиети төмөнкү барабардык м-н туюнтулат: $Ph_1=Qh_2$ (к. сүрөт), мында P ж-а Q — рычагга аракеттенген күчтөр, h_1 ж-а h_2 — Р-дын таянуч чекитинен күчтөрдүн багытына түшүрүлгөн перпендикулярдын узундуктары (күчтөрдүн ийиндери), O—таянуч чекити. Эгер таянуч чекит аракет кылган күчтөрдүн арасына жайгаштырылса, анда 1-түрдөгү Р. (сүрөт *а*) деп, эки күч таянуч чекиттин бир жагынан аракеттенсе, анда 2-түрдөгү Р. (сүрөт *б*) деп аталат. 1-түрдөгү Р. тең салмактуу абалда болсун үчүн күчтөр бир жакты көздөй, 2-түрдөгү Р-да түрдүү жакка багытталат. *Оордук күчүнүн* аракетинен Р-дын тең салмакта болуу теориясын *Архимед,* ал эми тең салмактуулуктун жалпы шартын 1687-ж. француз илимпозу Р. П. Вариньон аныктаган. Көп учурда Р. жөнөкөй көтөргүч курал катары пайдаланылат.



1 — (*а*) жана 2 — (*б*) түрүндөгү рычаг.

РЫЧАГДУУ МЕХАНИЗМ — беттери тийишкен кинематикалык түгөйлөрго бириккен звенолордон (рычагдардан) турган механизм. Беттешип турган эки звенонун бир бирине карата кыймылдуу болгондой бириктирилиши кинематикалык түгөй деп аталат. Р. м-дер жалпак ж-а мейкиндиктүү болот. Жалпак Р. м-де звенолор бири м-н бири айлана б-ча (шарнирдүү, айланма) ж-а сызык б-ча (алга жылма түгөйлөр) тийишип турат. Мейкиндиктүү Р. м-дин звенолору оз ара цилиндрлик же сфералык беттер б-ча (айланма түгөйлөр) ж-а тегиздик б-ча (алга жылма түгөйлөр) бириктирилет. Көп учурда тех. ад-тта Р. м. стерждүү-шарнирдүү механизм деп аталат. Буларга кулисалуу ж-а кривошиптүү-кулисалуу механизмдер да кирет. Муштумчалуу ж-а тиштүү механизмдерге караганда Р. м. оңой жасалат, өзү бекем болуп, көшкө жешилбейт. Ошондуктан Р. м. *прессте, ичинен күймө кыймылдаткычта,* жүктөгүчтөрдө ж. б-да колдонулат.

РЭЛЕЙ ЗАКОНУ — чойро чачыратkан жарыктын интенсивдүүлүгү (*I*) чойрого түшкөн жарыктын толкун узундугунун (λ) 4-даражасына тескери пропорциялаш ($I\sim\lambda^{-4}$). Бул закон ошол чойро бөлүкчөлөрүнүн олчому λдан кыйла кичине болгон *диэлектриктерден* түзүлгөндө гана аткарылат. Р. з-н англис физиги Ж. У. Рэлей 1871-ж. аныктаган, к. *Жарыктын чачырашы.*

РЮКЮ, Нансей — Япониядагы аралдар архипелагы, Кюсю ж-а Тайвань а-дарынын ортосунда. Чыгыш Кытай деңизин Тынч океандан бөлөт. Догоо сымал түп.-чыгыштан түш.-батышка 1200 *км* аралыкта созулуп жатат. Р. аралдары 6 топко (Осуми, Токара, Амами, Окинава, Мияко, Яэяма) бөлүнөт; аралдын жалпы саны 98, алпы 4,8 миң *км*². Эң ири аралдары: Окинава, Амамиосима. Калкы 1,2 млн (1970). Рельефинде плато ж-а жапыз тоолор (бийик. 300—500 *м*) басымдуу. Жер титирөө болуп турат. Аракеттеги 3 жанар тоо бар. Дайыма жашыл токой басымдуу. Шалы, батат, бал камыш өстүрүлөт. Балык кармалат. Кен байлыктары: фосфорит, таш көмүр. Башкы шаары ж-а порту — Наха (Окинава а-нда).

РЯБКО Клавдия Алексеевна (1918-ж. т., Кыргыз ССРи, Москва р-ну, Садовой кыш.)—Соц. Эмг. Баатыры (1948). 1932-жылдан Москва р-нундагы «Прогресс» к-зунда колхозчу. 1940-жылдан звено башчысы. 1947-ж. ал башкарган звено 2 *га* жердин гектарынан 879,17 *ц* кант кызылчасын алган. 1957-жылдан «Красный Октябрь» к-зунда звено башчысы. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

РЯЗАНОВ Алексей Константинович (27. 2. 1920-ж. т., Чоң Кочетковка кыш., азыркы Тамбов обл., Токарев р-ну) — эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1943, 1945), авиациянын генерал-майору (1970). 1942-жылдан КПСС мүчөсү. 1939-ж. учкучтардын В. П. Чкалов атн. Борисоглебск авиац. мектебин бүткөн. Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) учкуч (1941—42), эскадрильянын командири (1942—44), авиаполктун командирине орун басар. 509 жолу аба салгылашына катышып, өзү душмандын 31, башкалар м-н бирге 16 самолётун атып түшүргөн. 1950-ж. М. В. Фрунзе атн. Аскер академиясын, 1958-ж. Генштаб аскер академиясын бүткөн. 1959-жылдан аскердик жоонтуу кызматтарда болуп, 1962-жылдан Аба чабуулунан коргонуу аскерлеринин борб. аппаратында иштейт. Үч Ленин ордени, 4 Кызыл Туу, Александр Невский, 1-дараж. Ата Мекендик Согуш, 2 Кызыл Жылдыз ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. Тамбов обл-нын Токаревка кыш-нда Р-дун бюсту коюлган.

РЯЗАНОВ Василий Георгиевич [12 (25). 1. 1901, Чоң Козино пос., азыркы Горький обл., Балахна шаардык совети — 8. 7. 1951, Кисловодск] — эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1944, 1945), авиациянын генерал-лейтенанты (1943). 1920-жылдан КПСС мүчөсү. 1920-жылдан Кызыл Армияда. 1926-ж. учкучтардын Аскер мектебин, 1935-ж. Н. Е. Жуковский атн. Аба флот академиясын бүткөн. 1939—40-ж. совет-фин согушуна катышкан. Улуу Ата Мек. согуш (1941—45) убагында Түш.-Батыш, Түш., Калинин, Түн.-Батыш, Воронеж, Талаа, 2- ж-а 1-Украин фронтторунда салгылашып, ААКта 5-армиянын командачысына орун басарлыктан 1-штурмалоочу авиация корпусунун командирине чейин жеткен. Согуштан кийин аскердик жоонтуу кызматтарда. Эки Ленин ордени, 3 Кызыл Туу, 1-дараж. Богдан Хмельницкий, 2-дараж. Суворов, Кызыл Жылдыз ордендери ж-а медалдар, о. эле чет олколук ордендер м-н сыйланган.

РЯЗАНЦЕВ Сергей Николаевич (1906-ж. т., Тверь губ.) — сов. экон. географ, геогр. илимд. доктору, проф. (1968). МГУну бүткөн (1932). 1941—66-ж. СССР ИАнын Геогр. ин-тунда ст. ил. кызматкер. 1966-жылдан Москва обл. пед. ин-тунун экон. география кафедрасына башчы. Негизги эмгектери Кырг-нды, Каз-ндын түш. райондорун, о. эле бүтүндөй О. Азиянын экон. географиясын изилдөөгө арналган. Ал Кырг-нда (СССР ИАнын Кыргыз филиалында) география б-ча түңгуч ил. из. бөлүмүн («экономикалык географиялык топ»; кийин Кыргыз ССР ИАнын экон. сектору болуп кайра түзүлгөн) түзүүнүн демилгечиси болгон. Кырг-ндагы илимпоз-географтарды даярдоого чоң салым кошкон.

Эм г.: Киргизия, 2 изд., М., 1951; Фрунзе — столица Киргизской ССР, М., 1950; Средняя Азия, М., 1958 (соавт.); Киргизская ССР, М., 1960 (соавт.); Проблемы комплексного экономико-географического анализа и характеристика районов СССР, М., 1967; Киргизия, М., 1970 (серия «Советский Союз», соавт.).

РЯЗАНЬ — РСФСРдеги Рязань облнын борбору, шаар. Ока д-ндагы ири пристань. Т.-ж. тоому. Калкы 453 миң (1979). Р. областтагы ө. ж. дүң продукциясынын 60%ин берет. Машина куруу (станок куруу, темир уста ж-а пресс жабдуу, картошка жыйноочу комбайн ж. б.), нефть ажыратуучу, химия, тамак-аш ж-а жеңил ө. ж. ишканалары иштейт. Радио тех., пед., а. ч., мед. ин-ттары, 11 атайын орто окуу жайы, 3 театр ж. б. бар.

РЯЗАНЬ КНЯЗДЫГЫ — Ортоңку Ока ж-а Жог. Дон аймагындагы орус феод. князддыгы. Борбору — Эски Рязань, 14-к-да Переяславль-Рязань ш-на көчүрүлгөн. Р. к. Муром-Рязань жеринен 1129-ж. бөлүнгөн. 13-к-дын башында Владимир-Суздаль князддыгына көз каранды болгон. 1237-ж. монгол-татарлар каратkан. 14—15-к-да үстөмдүктү эллөө үчүн Москва Улуу князддыгына каршы күрөшкөн. 1521-ж. Москвага биротоло кошулган.

Лб.: Монгайт А. Л., Рязанская земля, М., 1961.

РЯЗАНЬ ОБЛАСТЫ РСФСРде. 1937-ж. 26-сентябрда уюшулган. Аянты 39,6 миң *км*². Калкы 1362 миң (1979). 24 район, 11 шаар, 29 ш. т. посёлка бар. Борбору — Рязань ш. Область Ленин ордени м-н сыйланган (1958).

Р. о. СССРдин европ. бөлүгүнүн борборунан орун алган. Жери негизинен түзөң. Түндүгүндө Мещёра ойдуңу, чыгышында Ока-Дон түздүгү, батышында Орто Орус дөңсөөсүнүн тармактары жатат. Кен байлыктары: аки таш теги, чопо, кум, күрөң көмүр ж-а чым көң. Климаты континенттик. Январдын орт. темп-расы —10,3°... —11,5°С, июлдуку 19,2°С. Жылдык жаан-чачыны 450—500 *мм*. Башкы дарыясы — Ока (областтагы уз. 500 *км*) ж-а анын куймалары: Мокша, Цна, Пара, Проня, Пра, Гусь ж. б. Ири көлдөрү: Улуу, Ак, Кара ж. б. Аймагынын 24% токой. Анда тыйын чычкан, түлкү, коён, карышкыр, доңуз, багыш ж. б. жаныбарлар бар. Калкы негизинен орустар. Орт. жыштыгы 1 *км*² жерге 34,6 киши (1979). Шаар калкы 58%. Ири шаарлары: Рязань, Касимов, Скопин, Сасово ж. б.

Р. о.— индустр. район. Ө. ж-дын дүң продукциясы 1913-жылга салыштырганда 1974-ж. 185 эсе көбөйгөн. Дягилевск, Новорязанск ТЭЦтери ж-а Рязань ГРЭСи курулган. Машина куруу ж-а металл иштетүү областтын ө. ж. продукциясынын 27%ын берет. Ири заводдору: станок куруу, темир устачылык ж-а жабдуу, картошка жыйноочу комбайн ж-а а. ч. машина, аналит.-эсептегич машина, «Теплоприбор», электрон прибор, автоагрегат ж. б. Сасово ш-нда автоматтык катар (линиясы) жасап чыгаруучу з-д курулууда (1975). Рязань ш-нда нефть ажыратуучу ири з-д, курулуш материалдарын даярдоочу ө. ж. ишканалары иштейт. Жеңил ө. ж. (ө. ж. продукциясынын 15,2%ин берет) ишканаларынын башкы тармактары: текстиль, кийим тигүү, булгаары-мех, бут кийим. Тамак-аш ө. ж. өнүгүүдө.

А. ч-га жарактуу жери 2584,8 миң *га*, аның 1901 миңи айдоо, 655,9 миңи чабынды ж-а жайыт. Айдоо жериниң (1974) 63% эгин (буудай, арпа), 9% картошка, 2% кант кызылча, 26% тоют. 1975-ж. 1010,4 миң үй (сааны 400,8 миң), 425 миң чочко, 368 миң кой болгон. Автомобиль жолунун уз. 2888 *км*, т. ж. 1035 *км* (1979). 1974—75-окуу жылында 1413 мектеп, 37 кесиптик, 29 атайын орто, 4 жог. (радио тех., а. ч., мед., пед.; Рязань ш-нда) окуу жайы болгон. Ил. из. ин-ттар, 3 театр, музейлер ж. б. маданий агартуу мекемелер бар. 1975-ж. 16,2 миң орундуу 164 ооруканада 4,3 миң врач иштеген. Обл. «Приокская правда» (1917-жылдан), «Рязанский комсомолец» (1920) газеталары чыгат.


К. А. Рябко.


П. А. Рязин.

Лб.: Российская Федерация. Центральная Россия, М., 1970 (серия «Советский Союз»); Народное хозяйство Рязанской области. Краткий стат. сб., Рязань, 1973.

РЯЗИН Пётр Александрович (20. 10. 1906-ж. т., Москва обл., Солнечногорск ш.) — сов. радиофизик, Кыргыз ССР ИАнын акад. (1960); физ.-матем. илимд. доктору (1941); проф. (1953). 1942-жылдан КПСС мүчөсү. МГУну 1931-ж. бүткөн. 1935—60-ж. СССР ИАнын Физика ин-тунда иштеген. 1960—65-ж. Кыргыз ССР ИАнын вице-президенти, 1965—69-ж. Физ.-матем. ин-тунун директорунун орун басары. Р.— 32 ил. эмгектин автору. Ил. эмгектеринин негизги багыты радио толкундун таралышына, антенна теориясына, ылдамдаткычтар теориясына арналган. Радио толкундун таралыш ылдамдыгынын жер бетинин каснетине көз каранды эместигин, антенналардын радио толкунду таратышын пайдаланган. Кырг-н КПнын 11—12-съезддеринде Кырг-н КП БКнын мүчөлүгүнө кандидаттыкка шайланган. Эки орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Эм г.: Формирование линейного самофокусированного электронного пучка в сходящемся к оси симметрии в вихревом электрическом поле, «Труды VII межвузовской научной конференции по электронным ускорителям», Томск, 1968; Зависимость тока захвата от скорости нарастания магнитного поля в синхротронах и бетатронах, «Известия АН Кирг. ССР», 1967, № 1.

РЯСЯНЕН Арво Мартти Октавианус (25. 6. 1893-ж. т., Симо, Кеми жакын, азыркы Финляндия — 7. 9. 1976, Хельсинки) — финн тилчиси. Гельсингфорс ун-тин бүткөн. Казан, Лейпциг, Будапешт, Берлин, Парижде окуган. Хельсинки ун-тинин проф. (1944—61). Казан губ-нда (1915—17) ж-а Анатолияда ил. экспедицияларда болуп, элдик говорлордун үлгүлөрүн жазып алган ж-а аларды жарыялаган. Салыштырма тил илими, түркология, угор-фин тилдери, фонетика, грамматика, түрк тилдеринин, черемис тилинин этимологиясы б-ча көп эмгектин автору.

Эм г.: Материалы по исторической фонетике тюркских языков, пер. с нем., М., 1955.

С

С — азыркы кыргыз алфавитиндеги жыйырма биринчи тамга; күчтүү, катколап, үччүл, бир фокустуу «с» үнсүз тыбышын туюнтат.

СААГЫЧ АППАРАТ — үйдүн сүтүн мех. жол м-н саап алуучу шайман. Алгачкы С. а. 1851-ж. Улуу Британияда чыгарылган. С. а-тын иштөө принциби үрптүн алдында вакуум түзүүгө негизделген. С. а. саап алуучу 4 стакандан, коллектордон, пульсатордон ж-а сүт чакасынан турат. С. а. түзүлүшү б-ча бир камералуу ж-а эки камералуу стаканы бар, саап алуу ыкмасы б-ча эки тактылуу ж-а үч тактылуу болуп айырмаланат. Саап алуучу стакан желиндин үрпүнө кийгизилет. 2 тактылуу саап төмөнкүдөй турат: биринчиси — соруу (үрптүн алдында вакуум түзүлөт да, сүт сорулуп чыгат); экинчиси — илеп тартуу (стаканга жел кирип, үрпү жыйрылат, бул мезгилде сүт чыкпайт). Үч тактылуу саап алууда кысуу тактысынын убактысы кыскарып, үчүнчү такт — тынығуу кошулган. Бул үйдүн сүтүн толук саап алууга ж-а эмгекти көп чочутпоого мүмкүнчүлүк берет. Пульсатор туруктуу вакуумду өзгөрүлмө вакуумга айландырат. Коллектор вакуумду бөлүштүрүп, 4 стакандан сүттү жыйнайт.

Ад. к. *Саагыч установка* макаласынан.

СААГЫЧ УСТАНОВКА — үйдүн сүтүн сааш ж-а сүттү алгачкы иштетүү үчүн машина м-н аппараттар комплекси. Ал жарым автоматтык линияны түзүп, анда желинди жуун тазалоо, саагыч аппараттар м-н сүт саап алуу, ар бир үйдүн ж-а баданын сүтүн эсептөө, сүттү транспорттоо иштери аткарылат. С. у. эмгек өндүрүмдүүлүгүн кол м-н сааганга караганда 2—3 эсе (же андан да көп) арбытат. Алгачкы С. у. 1889-ж. пайда болгон, СССРде 1933-жылдан чыгарылууда.

СССРде ж. б. өлкөлөрдө үйдү короо-сарайда, жайытта ж. б. саап алуу үчүн С. у. чыгарылат. Короо-сарайда сүт саап алуу үчүн атайын көчмө аппарат колдонулат. Мындай аппарат м-н бир саанчы саатына 14—18 үй саайт. Көбүнчө параллелдүү саагыч станок, «Тандем», «Елочка» ж. б. пайдаланылат. Мындай установкаларда саатына 40—50 үй саалат. Өндүрүштү 2—3 киши тейлейт. Сүт саалгандан кийин аппараттар ж-а сүт жүргүчтөр таза жуулуп, дезинфекцияланат.

Ад.: Похваленский В. П., Доильные машины, М., 1971.

САД Педро Антонио (19. 5. 1909-ж. т., Гуаякиль) — Экуадор жумушчу кыймылынын ишмери. Гуаякиль ун-тинин укук ф-тетин бүткөн (1936). 1931-ж. Коммунисттик жаштар федерациясына, 1932-ж. *Экуадор коммунисттик партиясына* (ЭКП) өтүп, 1934-ж. ЭКП БКга, 1938-ж. ЭКП БКнын Аткомуна мүчөлүккө шайланган. С.— Экуадор эмгекчилеринин конфедерациясынын (1944) негиздөөчүлөрдүн бири ж-а аның алгачкы предли (1944—46). 1944—51-ж. Латын Америка эмгекчилеринин конфедерациясынын Аткомунун мүчөсү ж-а секретары. 1944, 1947—59-ж. Экуадордун Улуттук конгрессинин сенатору. 1952-жылдан ЭКП БКнын ген. секретары. Эл Достугу ордени м-н сыйланган (1979).

САДАК — жебе салынуучу кутуча, баштыкча. С-ты неолит доорунан бери бардык элдер колдонгон. Аны илгери кыргыз жоокерлери, мергенчилери да пайдаланган. Ал мурда тери, кайыш, кийиз ж-а таардан, кийин металлдан жасалган. Кол башчылардын, баатырлардын, атактуу мергенчилердин С-ынын бети ж-а ооз жагы түрдүүчө асемделип, четтери чачылаңгыч кооздолгон. С-ка айдалыга асына тургандай же курга илингендей кылып эки түрдүү боо тагылган. С-тын өлчөмү ар кандай (20—50 жебелик, узуну 30—40 *см*, туурасы 10—15 *см*) болгон.

САДИ (өз аты-жөнү — Муслихаддин Абу Мухаммед Абдаллах ибн Мушрифаддин; 1203—10-ж. чен, Шираз — 9. 12. 1292, ошол эле жер) — перс акыны ж-а ойчул. Дин кызматчысынын үй-бүлөсүнөн. Багдаддагы «Низамия» медиресесинен окуган. Дербишче кийинип, мусулман элдерин 20 жылдан ашуун кыдырган, 30-жылдары Мекеде болгон. Дамаскиде «Бостон» (1257), Ширазда «Гүлстан» (1258) поэмаларын жазган. С-нин чыг-лар жыйнагынын эки редакциясы белгилүү. Биринчисин 1334-ж. Али Бисутун деген киши тап чыккан. Экинчи редакциясы 14-к-дын башына таандык. Чыг-лар жыйнагына төмөнкүлөр кирет: баш сөз; «Беш мажлис» — диний филос. духтагы пакыл сөз; «Гүлстан»; «Бостон», араб-фарс касыйдалары; элегия, сүйүү, моралдык лирика; «Таржибанд»; «Сахиб китеби» ж. б. рубайлер. С-нин поэтикалык чыг-лығы монгол жапырығы учурунда гүлдөгөн. Ал ошол кездеги панегирик, мистик акындардан айырмаланып, эл турмушу ж-дө жазган. С. карапайым адамдардын жан дүйнөсүн ачып берген казалдарында, «Гүлстандагы» күлкүлүү, учкул сөздөр м-н жазылган жанытма-ачгемелеринде адамкерчиликтин улуу идеяларын дацаазалаган.

Чыг.: в рус. пер. — Гулистан, М., 1959; Бустан. Лирика, М., 1962.

Ад.: Врагинский И., 12 миниатюр, М., 1966.

САКАДЗЕ Георгий, Улуу Моурави [1580-ж. чен, Пели кыш.— 3(13). 10. 1629] — грузин мамл. ишмери ж-а кол башчы, Грузияны бириктирүү ж-а аның көз карандысыздыгы үчүн күрөшүүчү. 1608-жылдан Тбилиси моурависи (башчысы) ж-а аскер башчысы. 1612-ж. Иранга качып, шахтын ишенимине кирген, өз саясий максатына шах аскерин пайдалануу үчүн аракет кылган. Ирандын колдоосу м-н 1620-ж. Картлиянын башкаруучусу болгон. 1625-ж. Картли м-н Кахетиде Иранга каршы элдик көтөрүлүшкө башчылык кылып, Чыгыш Грузияны бошоткон. Марабдин салгылашында жеңилгенден кийин (1625, июль) партизан кыймылын жетектеген. 1628-ж. С-нин аскерин грузин феодалдары талкалаган. С. Турцияга качып, ошол жерде өлтүрүлгөн.

Ад.: Джамбурия Г., Великий Моурави, в кн.: Грузии сыны, М., 1961 (Жизнь замечательных людей); История Грузии, т. 1, Тб., 1962.


САН — белгилүү бир мезгилде малдан саалып алынган сүттүн көлөмү. Бир жолку, суткадагы, ай, жыл боюнча болуп айырмаланат. С. малдын түрүнө, породасына, жашына, өзгочолүгүнө, *лактация* мезгилине, багуу ж-а тоютгандыруу шартына жараша болот. Эң жог. С. сүт породасындагы уйдан алынат. С. 6—7 лактация мезгилинде чейин утур көбөйүп, кийинчерээк азаят. Инек музоологондон кийин 1,5—2 ай сүтү көбөйүп, 3-айдан кийин тартылат. Күнүнө 3—4 жолу саалса, арбын сүт алынат. Респ-када 1975-ж. ар инектен орт. 2352 *кг* сүт саалган.

САР, Саар области — ГФРдин батышындагы тарыхый аймак. Саар ж-а Мозель д-ларынын алабында. Франция м-н Люксембургга чектеш. Алиты 2567 *км*². С. аймагын о. кылымда «Ыйык Рим империясына» кирген графтык сураган. 18-к-дын 90-жылдарынан 1814-жылга чейин С-ды Франция ээлеген. 1815-ж. С-дын басымдуу бөлүгү Пруссияга, азы Баварияга өткөн. 1871-ж. Германия империясынын составына кирген. 1919-жылдан С. аймагындагы көмүр кендери Франциянын менчигине берилип, С-дын озу 1935-жылдан Германияга өткөн. Экинчи дүйн. согуштан (1939—45) кийин С. Германия оккупациялаган француз зонасына, андан соң Франциянын экон. валюта ж-а бажы системасына кирген. Франция м-н ГФР ортосунда түзүлгөн «Саардын статуту жөнүндөгү» макулдашууга ылайык С. 1954-ж. Батыш Европ. союздун убактылуу контролдугунда болгон. Бирок ал статут 1955-ж. октябрдагы референдум убагында көпчүлүк добуш м-н четке кагылган. Франция м-н ГФР ортосунда 1956-ж. түзүлгөн С. ж-дөгү келишим б-ча С. 1957-жылдын 1-январынан ГФРдин составында.

САРЕМАА, Сарема, Эзель — Моонзунд (Батыш Эстон) архипелагындагы эң ири арал. Балтика деңизинде, Эстон ССРинин аймагында. Алиты 2714 *км*². Дамба аркылуу Муху а. м-н туташат. Негизинен аки таш тегинен түзүлүп, айрым жерлери моңгу ж-а деңиз чөкмөлөрү м-н капталган. Жери түзөң (бийикт. 54 *м*го чейин), саздак. Таштак чымкарбонаттуу топурак басымдуу. Арча ж-а мырза карагай өсөт. Жээгинде көптөгөн деңиз канаттуулары уялайт. Балык (салака, курт балык, камбала) кармалат. Кен байлыктары: доломит, аки таш теги. Башкы шаары — Кингисепп. Батышында Вийдумяэск коругу бар.

САРИНЕН Аарне (5. 12. 1913-ж. т., Финляндия, Дегербю) — финн жумушчу кыймылынын ишмери. Курулушчунун үй-бүлөсүнөн. 1944-ж. Финляндия компартиясына (ФКП) өткөн. 1945—51-ж. профсоюздук кызматтарда, 1952—54-ж. Курулуш ж-а жыгач иштетүү ө. ж. жумушчуларынын эл аралык бириксмесинин ген. секретары. 1954—66-ж. Финляндияның курулушчулар профсоюзунун пред-ли. 1966-жылдан ФКПнин пред-ли. 1962—70-ж., 1972-жылдан парламентке депутат.

САТ — убакыт өлчөгүч прибор. С-тын иштеши так кайталанма процесстерге: Жердин өз огунда айланышына, электр термелүүлөрө, магниктин, кварц пластинканын, молекуладагы атомдордун термелүүлөрүнө ж. б. негизделген. Биринчи жолу Байыркы Кытайда ж-а Байыркы Египетте күн С-ы пайда болгон. Анан суу ж-а кум С-тары түзүлгөн. Жүктүү мех. С. 14-к-да пайдаланыла баштаган. Мунарага орнотулма мындай типтеги С. Россияда биринчи жолу Москва Кремли үчүн 1414-ж. курулган. С. турмушта колдонулуучу (колго тагылма, столго коюлма, дубалга илинме, мунарага орнотулма ж. б.) ж-а атайын максаттагы (радионавигация, сигналдуу, процедуралык, астр-я-лык, шахматтык, табелдик ж. у. с.) болуп бөлүнөт. Абдан так жүрө турган С-тар: камертондуу С. (камертондун стабилдүү термелүүсү пайдаланылат), тактыгы суткасына ±0,1 *сек*; кварцтуу С. (пьезоэлектр кубулушуна негизделген), тактыгы 100 *нсекге* (10⁻⁷ *сек*) жетет; молекулалык ж-а атомдук С. (жүрүшү молекулалык



Кол саатынын (*а*) механизми м-н жебе (*б*) механизми: *1* — бурама барабан; *2* — пружина; *3* — секунда дөңгөлөгү; *4* — илгек дөңгөлөк; *5* — анкер айрысы; *6* — пружинанын ийрилик учу; *7* — баланс; *8* — борб. дөңгөлөк; *9* — бурама дөңгөлөк; *10* — барабан дөңгөлөгү; *11* — саат жебеси; *12* — саат дөңгөлөгү; *13* — минута дөңгөлөгү; *14* — муштумча муфта; *15* — бурагыч ачыч; *16* — бурама триб; *17* — которулма дөңгөлөк; *18* — вексель дөңгөлөгү.

генератор м-н жонго салынат), тактыгы 1 *нсекге* (10⁻⁹ *сек*) жетет.

САБА — кымыз ачытылуучу шири идиш. Жылкынын же төөнүн (кээде серкенин) жүнү жыдытылбаган чылгый териси эт, чел, майларынан таза арылтылып, түбүнүн уз. 70—120 *см*, эни 60—90 *см*, кууш тарткан оозунун эни 15—20 *см* өлчөмдө төрт бурч (конверт сымал) келип, конвертченин эки эндүү, эки энсиз жагынын кошулган жеринен жогору бийикт. 80—100 *см* болуп бычылат. Тоборсуганда кийин бурчтары, конверт капкачалагычынын бириктирилген жерлери кылчык жүндөн чыйратылган жип м-н жормолот. Ыштыкта 3—5 сутка ыштатылып, кара күрөң тарткан соң ачык калтырылган тигиштери жормолуп, аның үстүнө туурасынан кыл (50—70 тал туу куйрук) бастырылып, дагы бир сыйра тигилет да, ыштыкта бир нече сутка ысталат (С. 1,5—2 айда кайтадан ысталып туруу керек). С. кымыз м-н кошо б. з. ч. эле пайда болгон деп болжолдонот. С. азыр да Кырг-ндын кымыз жасоочу чарбаларында пайдаланылат.

САБАК — окутууну уюштуруунун негизги түрү. С. окуучулардын туруктуу составы м-н расписание б-ча өтүлөт. С-та окутуунун жалпы классөтүлөт. С-та окутуунун жалпы класстык, топтук ж-а жекече түрлөрү айкалыштырылат. С.— системалуу билим берүүнүн, аны практикада колдонуп, чыг-лыкка үйрөнүүнүн, личностту калыптандыруунун куралы. С-тын негизги белгилери: окутуу ж-а тарбиялоо милдетинин биримдиги; окуучулардын таанып-билүүгө ынтызарлыгын өстүрүүгө обөлгө түзүү; бир дидактикалык максатка баш ийген орг. бүтүндүк.

САБАК (caulis) — татаал түзүлүштүү өсүмдүктөрдүн жалбырактар м-н бургө өркүндү түзүүчү ок органы; негизги органдарынын бири. С. аркылуу топурактан тамыр алган суу ж-а анда эриген заттар жалбырактарга, гүлдөрго, мөмөлөрго, ал эми жалбыракта түзүлгөн орг. заттардын эритмелери өсүмдүктүн калган бөлүктөрүнө тарайт. Жашыл С-та *фотосинтез* процесси жүрөт. Көп өсүмдүктөрдүн С-тарында азык заттар ж-а суу топтолот. С. белгилүү тартип б-ча жайгашкан жалбырактарды, гүлдөрдү ж-а мөмөлөрдү көтөрүп, тирек кызматын да аткарат. С-тын жалбырак ж-а бутак өсүп чыккан жери м у у н, бир муундан экинчи муунга чейинки бөлүгү м у у н а р а л ы к деп аталат. Татаал түзүлүштүү өсүмдүктөрдү сабагына жараша чөп ж-а жыгач өсүмдүктөрүнө бөлөт. Дарактардын башкы сабагы — сөңгөк. Көпчүлүк өсүмдүктөрдүн сабагы учунан өссө, айрым-дарыныкы (дан өсүмдүктөрү) муун аралыгынын өсүшүнөн узарат. Жылацач уруктуулардын, өзү үлүштүү жабык уруктуулардын, кай бир үлүштүүлөрдүн (драцена, юкка, алоэ) сабагы *камбий* деп аталган *меристема* тканынын жардамы м-н жоонолот өсөт.



М. Саади.

С-тын формасы ар түрдүү: цилиндр сымал (көпчүлүк өсүмдүктөрдүкү), үч кырдуу (ырандар), төрт кырдуу (эрин гүлдүүлөр), көп кырдуу, жалпак (кактустар) ж. б. Мейкиндиктеги абалына жараша С. тик өсүүчү, төшөлмө, жармашкыч ж. б-ларга бөлүнөт (к. *Жармашкыч өсүмдүктөр*, *Төшөлмө өсүмдүктөр*). С-тын уз. 1—2 *мден* 200—300 *мге* (тропиктеги пальмалар), диаметри *мден* 10—11 *мге* (баобаб, секвойя) жетет.

Ад.: Жуковский П. М., Ботаника, М., 1964.

САБАТСЫЗДЫКТЫ ЖОЮУ — элге кат таанытуу (билим берүү, маданий деңгээлин жогорулатуу). 1919-ж. 26-декабрда В. И. Ленин кол койгон «РСФСР калкынын арасындагы сабатсыздыкты жоюу жөнүндөгү» декреттин негизинде Түркстан респ-касынын ЭКСи 1920-ж. 17-сентябрда «Түркстан калкынын арасында сабатсыздыкты жоюу жөнүндө» декретин кабыл алган. 1924-ж. февралда «В. И. Ульянов (Ленин) атындагы фонд» түзүлүп, ал С. ж. иштерине жумшалып турган. Улгайгандарды окутуунун жетектөө үчүн сабатсыздыкты жоюу б-ча Бүткүл россиялык атайын комиссия уюшулган. М. И. Калининдин жетекчилиги м-н «Сабатсыздык жоюлсун» коому ачылган. С. ж. мектептеринде 16—35, кийин 50 жашка чейинки сабатсыздар окуган. Ага мугалимдер, комсомолдор, профсоюз ак-

тивдери катышкан. Ар бир сабаттуу адам 10 сабатсызды окуткан. С. ж. б-ча сабактар коомдук-саясий ачкемелер м-н айкалыштырылып, биринчи беш жылдыкта Кырг-ида 670 миң адам сабатын ачкан. 1939-жылдын аягында респ-канын эмгекчилеринин 99% сабаттуу болсо, 1959-ж. эл каттоо б-ча Кыргыз ССРинин калкы союздаш респ-калардын калктарынан эле, бүт бойдон сабаттуу болгон.

САБАТТУУЛУК — ооэеки ж-а жазма тилди максатка жараша пайдалана билгендик; элдин маданий деңгээлинин маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бири. «С.» түшүнүгүнүн конкреттүү мааниси коомдун саясий ж-а экон. өнүгүшүнүн ар кайсы этаптарында маданий керектөөнүн жогорулашына жараша өзгөрүп турат. Мисалы, рев-ядан мурун билим берүүсү төмөнкү деңгээлде болгон Россия ж. б. өлкөлөрдө окуй билген киши эле, ал эми өнүккөн капит. өлкөлөрдө окуй ж-а жаза билген кишилер сабаттуу делген. С-ка бүткүл дүйнө б-ча бирдей критерий коюу максаты м-н ЮНЕСКОнун Ген. конф-лсы (10-сессия, Париж, 1958) өзү окуганын түшүнө ж-а күндөлүк турмушу ж-дө жаза билгендерди сабаттуу деп эсептөөнү сунуш кылган.

«С.» термини дагы айрым бир тармак б-ча атайын билими бар (саясий С., тех. С.), өз оюн адабий тилдин нормаларына (граммат., стилистикалык, орфоэпиялык) ылайык айта, жаза билет деген маанилерди да туюнтат.

САБАХАТТИН АЛИ (25. 2. 1908, Эгридере — 2. 4. 1948, Кыркларели) — түрк жазуучусу. Чыг-лары 1928-жылдан жарыялана баштаган. Ырлары элдик ырлардай жатык, аңгеме, повесть, романдары романтикалык ж-а сын реализминин маанайында жазылып, Түркиянын түрмушунун карама-каршылыктары кенен көрсөтөт. С. А.— түрк ад-тында соц. реализмдин жаркчысы деп саналат. Ал чыг-ларында эмгекчилердин психол. образын түзүп, биринчи болуп түрк прозасында коммунисти («Душмандар» аңгемесинде) оң каарман катары сүрөттөгөн. 1945-жылдан сатиралык газета чыгарып турган. Куугунтуктан улам Түркиядан кетеринде киши колдуу өлгөн. Түрк новеллачыларына жыл сайын С. А. атн. адабий сыйлык берилет.

Чыг.: в рус. пер. — Дьявол внутри нас, М., 1955; Враги. Рассказы, М., 1971.

Ад.: Фиш Р. Г., Сабахаттин Али. Критико-биогр. очерк, М., 1959.

САБИЗ (Daucus) — чатыр гүлдүүлөр тукумундагы өсүмдүк уруусу. Бир, эки, чанда көп жылдык. Жалбырагы тарамдуу канат сымал. 60ча түрү белгилүү. Негизинен Жер Ортолук деңиз жээгинде, Африка, Австралия, Жаңы Зеландияда ж-а Америкада өсөт. Эгилме С.— катуу тамырлуу, эки жылдык өсүмдүк, гүлү чатырча. Биринчи жылы С-дин тамыры ж-а түп жалбырагы, экинчи жылы гүлдүү сабагы м-н уругу чыгат. Ал аш С. ж-а тоют С. болуп болунөт. Аш С. кызыл же саргыч, чанда сары. Салм. 30 гдан 100—200 гга чейин ж-а андан да ашык. Эгилме С. байыркы гректер



Сабиз: *1* — чатыр гүлдүү сабак; *2* — Нант сабизи; *3* — Шантенэ.

м-н римдиктерге белгилүү болгон. Европа, Азия, Америкада, СССРдин бардык жеринде 14-к-дан кечири эгиле баштаган. Аш С-дин составында 88,8% суу, 1,1% азоттуу заттар, 0,2% май, 9,2% углеводдор, өзгөчө каротин (0,25 *мг*%ке чейин) ж-а B_1, B_2, РР витаминдери көп. Тамак-ашка кечири колдонулат. С.— баалуу тоют. Гектарынан 300—400 *ц* түшүм алынат. Сорттору: Нант 4, Москва кыштыгы А-515, Шантенэ 2461, Кызыл мирзоо 228, Сары мирзоо 304, Мшак 195 ж. б. Зыянкечи: *сабизчи чымын*, күбө, боз шалбаа көпөлөгү ж. б. Илдети: ак кебер, фомоз, жалбырак темгили, кургак чирик, кара чирик.

Ад.: Марков В. М., Овощеводство, М., 1966.

САБИЗЧИ ЧЫМЫН (Psila rosae) — псилида тукумундагы чымын, чатыр гүлдүү өсүмдүктөрдүн коркунучтуу зыянкечи. Уз. 4—5 *мм*, башы кочкул, буттары ж-а муруту саргыч, боору жылтырак кара. Европада, Түн. Америкада, СССРдин европ. бөлүгүндө кездешет. Сабиз, пастернак, петрушка, сельдерей ж. б. өсүмдүктөргө зыян келтирет. С. ч. өсүмдүктүн жалбырагы чыга баштаганда тамырына чөйрөлөш сиркесин таштайт. Андан курт чыгып, тамырды тешет. Жаш өсүмдүк кээде солуйт. Дартка чалдыккан сабиздин даамы ачуу болуп, көпчүлүгү чирийт. Күрөш чарасы: терең айдоо, уруккa инсектицид чачуу, эрте эгүү, маалында суюлтуу ж-а отоо. С. ч. сирке таштаар мезгилде топуракка 2—3 сыйра нафталин чачуу.

САБИР [өз аты-жөнү — Мирза Алекпер Таирзаде; 19(31). 5. 1862, Шемаха ш. — 12(25). 7. 1911, ошол эле жер] — азерб-н акыны. Алгач медиреседе, кийин акын С. А. Ширванинин жаңычыл мектебинен окуган. Адегенде лирикалык казал, рев-я жылдарында (1905—07) гражд. мотивдеги ырлар жазган. «Молла Насреддин» сатиралык журналы аркылуу прогресске кедерги болгон фанатиктерди, эзге жат интеллигенттерди, сыйкы молдолорду ар кандай ылакап ат-м сындап, элди билим алууга, азаттыкка чакырган. Саясий сатираларында самодержавиенин Ж. Чыгыш өлкөлөрүнө жүргүзгөн агрессиячыл саясатын, түрк султанынын деспоттугун, эл аралык реакциянын шимшүүлөрүн таамай сүрөттөгөн. Социалдык сатираларында таптык эзүү маселесин азерб-н ад-тында биринчи жолу көтөрүп, Ж. *Мамедкулизаде* сыяктуу жазуучулар м-н реализттик багыттагы жаңы сатиралык мектеп түзгөн. С-дин чыг-лары да азерб-н тилиндеги пролет. ад-ттын алгачкы үлгүлөрүнүн бири катары кийин азерб-н совет ад-тына негиз болгон.

Чыг.: Бүтүн ырлары, Баку, 1934; в рус. пер. — Избранное, Баку, 1962.

Ад.: Шариф А., Жизнь и поэтическое творчество Сабира (1862—1911), М., 1951; Заманов А., Сабир ва муасирлари, Баку, 1973.

САБИРОВА Малика Абдурахимовна (22. 5. 1942-ж. т., Дүйшөмбү) — сов. балерина, СССР эл арт. (1974). Ленинград хореография окуу жайын (Е. В. Ширяпинанын окуучусу, кийин Г. С. Уланова м-н А. М. Мессерерден таалим алган) бүткөн. 1961-жылдан Айпи атн. Тажик опера ж-а балет театрынын солисти. Негизги аткарган ролдору: Китри (Л. Минкус, «Дон Кихот»), Жизель (А. Адан, «Жизель»), Лейли (С. Баласанян, «Лейли менен Межнун») ж. б. С-нын түзгөн образдары көп кырдуу. Чет өлкөлөрдө гастролдо болгон. Тажик ССР Жог. Советинин (8-шайл.) депутат. Балет артисттеринин Варна (1964), Москва (1969) эл аралык конкурстарынын ж-а Рудаки атн. Тажик ССР мамл. сыйл. лауреаты (1967). Эки орден м-н сыйланган.

САБОО — жүн, пахта ж. б-ны талдан, жумшартуу үчүн колдонулуучу кош чыбык. Көбүнчө ичке, түз ыргай, шилби, табылгыдан жасалат. Уз. 1 мдей. С. м-н чатышкан, какачтуу же кир жүндү, пахтаны жайылган талпактын же таардын үстүнө жайып салып сабаганда, чатыштары жазылып, ыпыр-сыпырдан тазаланат. Жүн сабоо — жип иирүү, аркан эшүү, кийиз жасоо, жууркан-тошок кантоо процессинин алгачкы этабы.

САБА — Югосл-янын түндүгүндөгү дарыя. Дунайдын оң куймасы. Уз. 940 *км*, алабынын аянты 95 миң $км^2$. Юлий Альп тоолорунан башталат. Загреб ш-на чейин тоодогу кууш өрөөн м-н ортоңку ж-а төмөнкү агымында Орто Дунай түздүгүнүн түш. чети аркылуу агат. Башкы куймалары: Купа, Уна, Врбас, Босна, Дрина (оң). Жылдык орт. чыгымы 1760 $м^3/сек$, эң көбү 5000 $м^3/сек$. Кышында ж-а жазында суусу көбөйөт. Сисак ш-на чейин (592 *км*) кеме жүрөт (пассажир кемелери Шабац ш-на чейин, 103 *км*). С-нын өрөөнүндө Любляна, Загреб, чатында Белград ш-лары жайгашкан.

САВАЙ — Ош обл-нын Кара-Суу р-нундагы Савай айыл советине караштуу кыштак. Таширов атн. к-здун аймагында. Райондун борбору ж-а т. ж. станциясы Кара-Суу ш-нан 15 *км* түн.-чыгыш таранта. Калкы 1413 (1978). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

САВАННА — тропик ж-а субтропик өсүмдүктүүлүгүнүн тиби. Ал сейрек, кээде тонтошуп өскөн дарак ж-а бадал аралашкан чөп өсүмдүктөрдөн түзүлөт. С-дагы өсүмдүктөр узакка созулган кургакчылыкка чыдамдуу; алардын жалбырагы катуу, калың түктүү же редукцияланган, даректарынын кабыгы калың. Чөптөрдөн дан өсүмдүктөрү басымдуулук кылат. Даректары жанаа, сөңгөгү бутактуу, көбүнчө чатырдай шактуу, кээсинин сөңгөгүнө суу көп жыйналат, к. *Саванна зоналары.*

САВАННА ЗОНАЛАРЫ, саванна ж-а сейрек токой зоналары — Жер шарынын субэкватор ж-а тропик алкактарындагы табигый аймак. Субэкватор алкагында *саванна* өсүмдүктөрү, тропик алкагында ксерофит сейрек токою басымдуу. С. з. Түн. жарым шарда дайыма жашыл субэкватор токой зоналарынын түндүгүндө, Түш. жарым шарда алардын түштүгүндө жайгашкан. Климатында жаанчыл ж-а кургакчыл мезгилдер кескин айырмаланат. Экватордон түндүккө ж-а түштүккө карай жылдык жаан-чачын 2000 *мм*ден 250 *мм*ге чейин азаят, кургакчыл мезгил 3 айдан 10 айга чейин созулат, эң жылуу айдын темп-расы 26—28°Сден 24—25°Сге чейин, эң суук айдыкы 20—26°Сден 12°Сге чейин төмөндөйт. Кургакчыл ж-а жаанчыл мезгилдердин кезектешип, алмашып турушу С. з-ндагы табигый компоненттердин сезон б-ча өзгөрүшүнө шарт түзөт. Дарыяларынын суусу кургакчыл мезгилде (кышында) өтө азайып, жаанчыл мезгилде (жайында) 15—20 эсе көбөйөт. Кызыл ж-а кызыл күрөң топурак басымдуу. Кургакчыл мезгилде дарак м-н бадалдардын жалбырагы күбүлүп, чөптөр куурайт. Жаныбарларга, айрыкча туяктууларга (пил, жираф, керик, бегемот ж. б.) бай. С. з. дүйнөнүн Европа ж-а Антарктидадан башка бөлүктөрүндө кездешет. Африканын алтынын 40%ин эөлейт. Дан ж-а түймөк сабактуу өсүмдүктөр, пахта, жут, арахис, бал камыш ж. б. өстүрүлөт.

Ад.: Второв П. П., Дроздов Н. Н., Биогеография материков, М., 1974.

САВАР — муз. акустикада жыштык интервалынын бирдиги; француз физиги Ф. Савардын ысмынан аталган. 1 С. четки жыштыктарынын катышынын $lg(f_2/f_1) = 1{,}0023$ болгон f_2/f_1 жыштык интервалына барабар. Жыштык интервалынын башка бирдиктери м-н төмөнкүчө байланышкан: 1 С. = 3,32· ·10^{-1} октава = 3,98 цент; 1 октава = = 301 С.

САВЕЛЬЕВ Максимилиан Александрович [7(19). 2. 1884, Н. Новгород, азыркы Горький — 15. 5. 1939, Москва] — советтик парт. ишмер, журналист, СССР ИАнын акад. (1932). 1903-жылдан Компартия мүчөсү. Ак сөөк үйбүлөдөн. Москва ж-а Лейпциг ун-ттеринде окуган. Парт. иш жүргүзгөнү үчүн бир нече жолу камалган. РСДРП(б)нин Бүткүл россиялык 7-(Апрель) конф-ясынын ж-а 6-съездинин делегаты. 1920-ж. РКП(б) Түркстан крайкомунун секретары. 1921—28-ж. «Народное хозяйство» журналынын, «Торгово-промышленная газетанын» редактору. 1926—27-ж. Промиздаттын пред-ли. 1928—30-ж. В. И. Ленин ин-тунун директору. 1932-жылдан Коммунисттик академиянын Президиумунун пред-ли. 1936—39-ж. ВКП(б) БКга караштуу Маркс — Энгельс — Ленин ин-тунун директорунда орун басар. Партиянын 7, 15—17-съезддеринин делегаты. 1930—34-ж. ВКП(б) БКнын мүчөлүгүнө кандидат. Экономика, партия тарыхы б-ча эмгектердин ж-а эскермелердин автору.

Ад.: Герои Октября, т. 2, Л., 1967.

САВИЦКИЙ Евгений Яковлевич [11 (24). 12. 1910-ж. т., Новороссийск] — сов. аскер начальниги, авиация маршалы (1961), эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1944, 1945), СССРдин эмг. сиң. аскер учкучу (1965). 1931-жылдан КПСС мүчөсү. 1929-жылдан Сов. Армияда. Учкучтардын аскер мектебин (1932), Генштаб Аскер академиясын (1955) бүткөн. Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) Батыш, Воронеж, Түш.-Батыш, Сталинград ж. б. фронттордо ААКта дивизияга, армияга ж-а корпуска командачы. 216 согуштук учуш жасап, жеке өзү душмандын 22, башкалар м-н бирге 2 самолётун атып түшүргөн. Согуштан кийин ААКта жооптуу кызматтарда. 1966-жылдан Аба чабуулунан коргонуу аскерлеринин башкы командачысына орун басар. КПСС БК мүчөлүгүнө кандидат (1961—66). СССР Жог. Советинин (6-шайл.) депутаты. Үч Ленин ордени, башка 9 орден ж-а медалдар, о. эле чет элдик бир нече орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

САВКИНА Наталья Васильевна (1916-ж. т., Москва обл., Рязань р-ну) — Соц. Эмг. Баатыры (1966). Эмгек жолун 1932-ж. Фрунзедеги эт комбинатынын мал союу цехинде баштаган. Өндүрүштүк тапшырмаларды дайыма 110—120%ке аткарып, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, сырьё м-н материалды үнөмдөө үчүн активдүү күрөшкөн. Коммунисттик эмгек бригадасынын мүчөсү. Ленин ордени, «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган.

САВМАК КӨТӨРҮЛҮШҮ — скифтердин б. з. ч. 107-ж. Боспор мамлекетиндеги чыгуулары. Ал Пантикапейде Боспор падышасы Перисад V Понтий падышасы Митридат VI Евпаторго бийликти өткөрүү ж-дө сүйлөшүү мезгилинде башталган. Перисадды Савмак өлтүргөндөн кийин (болжол б-ча Савмак Перисад Үнин кулу болгон) көтөрүлүшчүлөр Боспордун европ. бөлүгүн ээлешкен. Көтөрүлүшкө көз каранды дыйкандар, кол өнөрчүлөр, күлдар катышкан. С. к. Боспордун күл ээлөөчү төбөлдөрүнүн курч кризистен кутулуу максатында жасаган саясий бүтүмүнүн ишке ашуусуна тоскоол болгон. Көтөрүлүшчүлөрдүн башчысы Савмак Боспордун башкаруучусу болуп калган. Узак даярдангандан кийин Митридат VIнын көтөрүлүшчүлөрүнө каршы жиберген жазалоочу отряды көтөрүлүштү басып, Савмакты колго түшүргөн. Боспор мамлекети Митридат VIнын бийлигинде калган.

Ад.: Жебелев С. А., Последний Перисад и скифское восстание на Боспоре, «Вестник древней истории», 1938, № 3; Струве В. В., Восстание Савмака, там же, 1963, № 1.



М. А. Сабир.



Н. В. Савкина.

САВРАСОВ Алексей Кондратьевич [12(24). 5. 1830, Москва — 26. 9(8. 10). 1897, ошол эле жер] — орус живописчи-пейзажчысы. Москва живопись, нйчилик ж-а зодчийлик окуу жайында К. И. Рабустан (1844—54) таалим алган, 1857—82-ж. ошол жерде пейзаж классын жетектеген. Кечмө сүрөт көргөзмө оңоктүгүнө мүчө ж-а уюштуруучу. С-дун алгачкы чыг-ларында романтикалык эффект («Күн бүркөөдө Кремлдин көрүнүшү», 1851, Третьяков гал.) көбүрөөк орун алган. 1850—60-жылдардагы чыг-ларында түстөрдүн ички биримдигине («Сокмок үйүлгөн жер», 1871, Третьяков гал.) жетишкен. Пейзаждарында адамдардын психологиялык абалын берүүгө аракеттенген («Чар каргалар учуп келди». Москва. Третьяков гал. 1871.



кольникидеги бугу аралы», 1869) жарык шаңынын эмоциялык таасирин күчөтүүгө умтулган. Жөнөкөй көрүнүш аркылуу орус жаратылышынын өзгөчөлүгүн ача алган. Бул «Чар каргалар учуп келди» (1871) деген сүрөттөн көрүнөт. 19-к-дын аягы — 20-к-дын башындагы орус пейзажчыларына (К. А. Коровин, И. И. Левитан, С. И. Светославский) зор таасир тийгизген.

Ад.: Фёдоров-Давыдов А. А., Саврасов, М., 1957.

САВЧЕНКО Мария Харитоновна [14 (27). 4. 1913-ж. т., УССР, Сумы обл., Лебединский р-ну, Тшкари кыш.] — колхоз өндүрүшүнүн новатору, эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1948, 1958). 1945-жылдан КПСС мүчөсү. 1929-ж. УССРдин Лебединский р-ндагы «Червона зоря» (азыр Ленин атн.) к-зунда иштеген. 1936-жылдан музоо багуучу, 1944-жылдан саанчы, 1962-жылдан мал чарба фермасына башчы. С. ар үйдан 1947-ж. 5810, 1959-ж. 8905 *кг*дан сүт сааган. Фермадагы ар үйдан 1966—72-ж. 3370—4882 *кг*дан сүт саап алынган. КПССтин 20—22-, Украина КПнын 16, 18—23-съезддеринин делегаты. Украина КП БКнын мүчөсү (1954). УССР Жог. Советинин (2—8-шайл.) депутаты. Үч Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

САГА — 8 — 13-к-да көбүнчө Ирландия м-н Исландияда өөрчүгөн котормо же оригиналдуу прозалык чыг-лар. Негиздүүлөрү — уруу же исландиялыктар ж-дегү С-лар. Бул С-ларга тарыхый ж-а турмуштук реализм, эпикалык жөнөкөйлүк, терең психологизм мүнөздүү. С-лардын сюжеттик өзөгүн уруулардын чыр-чатактары ж-дегү окуялар түзөт. Уруу С-лары — бутпарастарга мүнөздүү болгон фатализмге каныккан чыг-лар.

С-ның экинчи түрүнө «Норвегия королдору жөнүндөгү сагалар» кирет. Булардын негизин оозеки уламыштар, скальддардын поэзиясы, королдор турмушун билгендер жараткан ангемелер курайт. Үчүнчү түрү Исландия епископтору, уруу башчылары ж-дегү С-лардан турат. Булар көбүнчө хроникалык мүнөздө епископтор м-н уруу башчылары башынан кечирген окуяларды көргөн кишилер тарабынан хроникалык мүнөздө жазылган.

Текст: Исландские саги, М., 1956.
Ад.: Стеблин-Каменский М. И., Исландская литература, Л., 1947; его же, Мир саги, Л., 1971.

САГОВНИКТЕР (Cycadopsida) — жылаңач уруктуу өсүмдүктөрдүн классы; соңгогу чамгырдай же түймөктөй, топурактын астында, кээде үстүндө (анда жумуру, бийикт. 18—20 *м*) тик өйдө өскөн дарак. Соңгогүнүн учундагы шагы 3 *м*ге жакын, папоротник сымал жалбырак боочосунан турат. Жалбырак пластинкасы 1—2 жылдан кийин куурайт да, аның калың түбү жаш жалбырак саптары м-н бирге соңгоктун сыртына катуу кабыкты пайда кылат. С. эки үйлүү, шамал аркылуу чаңдашат. Микроспорофилл-дери аталык тобурчактардагы сорустарда өөрчүйт. Ар бир соруштун 2—5 микроспорангийлери болот, анда көп споралар өнүгөт. С-дин жыш туктуу мегаспорофилл-дери жалбырактарына окшош, бирок хлорофилл-дери болбойт, алар уз. 1 *м*, салм. 40 *г* болгон мегастробилдерге (өнелик тобурчакка) чогулган. Урук-бүчүрү экиден, уз. 5 *см*. Мегаспоралардын өөрчүүсүнөн архегония тобу калыптанат. Аталык гаметофиттердин өөрчүүсү каптуу сүөктүгү бар чаңча камерасында өтүп, эки же көп сперматозоид өнүгөт. Уруктанудан эки үлүштүү түйүндүк калыптанат. С-дин 9—10 уруусу, 100 түрү бар, алар тропик ж-а субтропик алкактарда өсөт.

САГЫЗ — Казак ССРинин Ак-Төбө ж-а Гурьев обл-тарындагы дарыя. Уз. 511 *км*, алабынын аянты 19 400 *км*². Астыңкы Урал платосунан башталып, Каспий бою ойдуңуна жерге сиңип кетет. Булак ж-а жаан-чачын сууларынан куралат. Уз. 10 *км*ден ашпаган 102 куймасы бар. Жог. ж-а төмөнкү бөлүгү жайында какшып, көлчүктөрдү пайда кылат. Суусунун орт. чыгымы Сагыз т. ж. станциясы турпа 3,2 *м*³/*сек*. Ноябрда тоңуп, март — апрелде ачылат. Сугатка пайдаланылат.

САГЫЗГАН (Pica pica) — тарапчы сымалдар түркүмүндөгү куш. Уз. 45—48 *см*, салм. 250 *г*га жетет. Жону, көкүрөгү кок, жашыл же боз болуп



кубулуп, жылтырак кара түстө. Боору агыш, канаттары агала, куйругу, тумшугу, шыйрагы кара. Палеарктика ж-а Америкада көп таралган. СССРде 7 (Магадан обл., Якутия, чөл ж-а тундрадан башка), Кыргызда 2 түрчөсү кездешет. Кырг-ндагы С.— тургун куш. Уясын дарак ж-а бадалдарга салат, 4—6 жумурткасын 17 күн басып, балапан чыгарат. С. негизинен омурткасыздар м-н азыктанат. Зыянduу курт-кумурсканы жеп пайдалуу, кээде куштардын уясын бузуп, жумурткасын жеп зыян келтирет.

САГЫМБАЙ Орозбак уулу (1867, Ысык-Көл өрөөнү, Кабырга айлы — 1930, Кочкор р-ну, Кочкор кыш.) — манасчы ж-а төкмө акын. Жаш чагынан эле ар кыл мүнөздөгү тамашалуу лирикалык ырларды жамактап ырдаганга, көпчүлүктү чогуруга шыктуу болгон. «Манас» эпосун 15—16 жашынан тартып айта баштаган. С-дын манасчылык өнөрүнүн өөрчүшүнө Чоңбаш, Тыныбек, Найманбай, Акылбек, Алишер сыяктуу белгилүү манасчылар чоң таасир тийгизген. С-дан Түркстан илим комиссиясынын, кийин Кара Кыргыз АОнун Эл агартуу комиссариатынын тапшыруусу б-ча 1922—26-жылдар аралыгында К. *Мифтаков*



Сагымбай Орозбак уулу. Художник Т. Т. Герцен тарткан портрет. 1978-ж.

м-н Ы. *Абдырахманов* «Манас» үчилтигинин биринчи бөлүгүн жазып алышкан. Калган бөлүмдөрү кийинки жылдары С. катуу ооруп калганга байланыштуу жазылбай калган. С-дын варианты 180 378 сап ырдан турат. Бул вариант — мазмуну, идеясы, көркөмдүгү жагынан жог. деңгээлде иштелген, композициясы б-ча толук бүткөн монументтүү элдик көркөм чыгарманын бийик үлгүлөрүнөн. Колдо бар башка варианттардан С-дын варианты сюжетти курап турган эпикалык окуялардын толуктугу ж-а алардын жог. көркөмдүктө баяндалышы м-н айырмаланат. Муну С-дын өзүнөн мурунку манасчылардын айткандарын зор ынта м-н угуп, алардын тажрыйбаларын чыг-лык м-н үйрөнгөнү, элдин өткөн турмушуна байланыштуу тарыхый, этногр. ж-а геогр. маалыматтарды, элдик оозеки чыгыктын салттуу үлгүлөрүн өз варианттында арбын пайдаланганы камсыз кылган. С-дын варианты классикалык вариант катары бааланат. С. жаратkан варианттa эпостун салттуу негизине коошпогон окуялар (Манастын Мекеге барып ажы болушу, Манастын Илья Муромец, Наполеон м-н согушу ж. б.), айрым диний-реакциячыл мотивдер орун алган жерлер да бар. Бирок булар С-дын варианттынын сюжеттик негизин ж-а элдик идеясын буза алган эмес. С. айылдан айылга, өрөөндөн өрөөнгө эл кыдырып, «Манас» эпосун айтуу м-н бирге чоң жыйындарга жар чакырып, аш-тойлордо ырдаган төкмө акын да болгону маалым. Бирок аның андай төкмөлүктөн жаралган ырларының көбү жазылбай калган. Жазылып калгандары — «Ленин олгондогу ыр», «Заман», «Жолбун ит» деген эле көлөмдүү ырлар.

Чыг.: «Манас», 1-к-п, Фр., 1978.
Ад.: «Манас» — героический эпос киргизского народа, Фр., 1968, с. 83—85.

САГЫНБАЕВА Телегей (8. 6. 1902-ж. т., Нарын обл., Кочкор р-ну, Ак-Жар кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1957). Кыргыз ССРинин мал чарбасына эмг. сиң. устаты. Баатыр эне. 1928-жылдан «Кочкор» асыл тукум с-зунда баш чабан. 1957-ж. ар биктен 6 *кг*, 1958-ж. 7,2 *кг* жүн алып, тирүү салмагын 76 *кг*дан мамлекетке тапшырган. Кыргыз ССР Жог. Советинин (4—6-шайл.) депутаты. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Өмүрбаев С., Телегей, роман, Фр., 1967.

САДАГА — ар кандай кырсык м-н күнөөдон арылуу үчүн кайырчы, кембагал, мунжуларга, мечит м-н дин кызматкерлерине мусулмандардын өз ыктыяры м-н берүүчү жардамы. С. ырасмысы Куранда (3-сүрө, 86-аят; 9-сүрө, 122-аят) айтылган. Сөз жүзүндө С-ны «боорукерликке» шылтаганы м-н, иш жүзүндө андан алынган пайда дайыма дин кызматкерлеринин чөнтөгүнө түшкөн. Рев-ляга чейин С. кыргыз жергесинде кыйла тараган болсо, Совет бийлигинен кийин жоюлуу жолуна отүп, жокко эсе болуп калды.

САДАЕВ Жайнак (1893, Чүй р-ну, Бурана кыш.— 1937) — советтик мамл. ж-а парт. ишмер. Кырг-нда парт. ж-а мамл. тартипти чыңдоого, экономика м-н мад-тты өнүктүрүүгө активдүү катышкан. 1918-жылдан КПСС мүчөсү. Кедей дыйкан үй-бүлөсүнөн. Москвадагы Марксизм-ленинизм курсун бүткөн (1930). 1917—21-ж. Кызыл Армиянын катарында, кийин Токмок ш-нда партиянын райкомунун секретары. 1922—25-ж. «Кошчу» союзунун Пишпек укомунун ж-а Кыргыз обкомунун пред-ли. 1925—28-ж. ВКП(б)нин Кыргыз обкомунун жооптуу секретары, экинчи секретары. 1930—33-ж. Кыргыз обкомунун контроль комиссиясынын пред-ли, Кыргыз АССРинин жумушчу-дыйкан инспекциясынын эл комиссары. 1933—34-ж. ВКП(б) БКнын О. Азия б-ча уполномочнелүү инструктору. 1934—37-ж. ВКП(б) Кара-Балта райкомунун секретары. СССР БАКтын мүчөсү (1937). ВКП(б)нин 14—16-съезддеринин делегаты.

САДОВСКИЙ Пров Михайлович [9 (21). 8. 1874, Москва—4. 5. 1947, өлгөн жер] — орус совет актёру, СССР эл арт. (1937). Белгилүү орус актёрлору Садовскийлердин үй-бүлөсүнөн. Москва театр окуу жайынын драма курсун (А. П. Ленский м-н М. П. Садовскийдин шакирти) бүтүргөндөн кийин 1895-жылдан Кичи театрда иштеген. Совет доорунда аткарган ролдору: Кошкин (К. Тренёв, «Любовь Яровая»), Фамусов (А. Грибоедов, «Акылдын азабы») ж. б. СССР мамл. сыйл. (1943) лауреаты. Эки Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. Кичи театрда (1975) аның баласы — Пров Провович С. (1926-ж. т.) м-н бир тууганынын уулу — РСФСР эмг. сиң. арт. (1949). Михаил Михайлович С. (1909-ж. т.) иштеет.

Ад.: Эфрос Н. Е., Пров Садовский. (Опыт характеристики), П., 1920; Семья Садовских. Сб., под ред. Вл. Филиппова, М.—Л., 1939; Садовский М., Записки актёра, М., 1975.

САДОВЫЙ — Аламүдүн р-нундагы Лебединовка айыл советинде караштуу кыштак. Куйбышев атн. с-здун аймагында. Райондун борбору Лебединовкадан 7 *км* түн.-батыш тарапта. Фрунзе шнан 17 *км*. Калкы 1161 (1976). Башталгыч мектеп, клуб, китепкана бар.



Т. Сагымбаева.



Ж. Садаев.



М. Садовяну.

САДОВЫЙ — Москва р-нундагы Садовый айыл советине караштуу кыштак. Энгельс атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Беловодскийден 5 *км* чыгыш тарапта. Беловодский т. ж. станциясынан 4 *км*. Калкы 6971 (1976). Крупская атн. жүзүм комбинатынын бөлүмү; орто мектеп, мад-т үйү, жайкы кинотеатр, китепкана, участкалык ооруканa бар.

САДОВЫЙ — Сокулук р-нундагы Томөнкү Чүй айыл советине караштуу кыштак. «Томөнкү Чүй» с-зунун аймагында. Райондун борбору Сокулуктан 75 *км* түн. тарапта. Пишпек т. ж. станциясынан 50 *км*. Калкы 1175 (1976). Орто мектеп бар.

САДОВЫЙ — Чүй р-нундагы Чүй айыл советине караштуу кыштак. Мичурин атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Чүйдөн 12 *км* түш.-чыгыш тарапта. Токмок т. ж. станциясынан 10 *км*. Калкы 1130 (1976). Орто мектеп, клуб, медпункт бар.

САДОВЯНУ Михаил (5. 11. 1880, Пашкани — 19. 10. 1961, Бухарест) — румын жазуучусу, мамл. ж-а коомдук ишмер, Румыния академиясынын мүчөсү (1921), РСРдин Соц. Эмг. Баатыры (1955). Адвокаттын үй-бүлөсүнөн. Чыг-ларын гимназияда окуп жүргөндө жарыялай баштаган. Алгачкы жыйнактарында эле дыйкандар турмушуна кайрылган. «Лэпушняну көчөсү. 1917-жылдын хроникасы» (1921), «Серетттеги тегирмен» (1925) романдары румын социалдык романынын онугушуна кыйла таасир тийгизсе, «Анкуцаның кербен сарайында» (1928), «Айбалта» (1930) чыг-ларында румын элинин мыкты сапаттарын ачат. «Ага-нин Ждерлер» (1935—42) тарыхый үчилтиги румын элинин азаттык күрөшүн көрсөтөт. Өлкө фашизмден бошонгондон кийин (1944) «Митря Кокор» (1949) повестин, «Никоарэ Подкова» (1952) тарыхый романын жазган. С.— парламентке мүчө (1945), Жог. улуттук чогулуштун пред-лине орун басар (1946), РСР жаз. союзунун пред-ли (1949), РСР академиясынын вице-президенти, Тынчтыкты жактоочулардын улуттук комитетинин пред-ли, Тынчтыктын бүткүл дүйн. советинин мүчөсү. 1960-ж. «Элдер ортосунда тынчтыкты чыңдаганы үчүн» эл аралык Ленин-дик сыйлык алган.

Чыг.: в рус. пер. — Избр. произв., М., 1957; Братья Ждер, М., 1971; Гулдуу аял, Фр., 1956; Кыйды Янош, Фр., 1958.
Ад.: Кожевников Ю. А., М. Садовяну, М., 1960; Ройзман П. Н., Михаил Садовяну. Вибиблиогр. указатель, М., 1962.

САДУЛЬ Жорж (4. 2. 1904, Нанси — 13. 10. 1967, Париж) — француз кино теоретиги ж-а сынчысы, коммунист. Каршылык көрсөтүү кыймылына катышкан. «Летр франсез» жашырын газетасында (экинчи дүйн. согуштан кийин да) иштеген. Макалалары «Юманите» ж. б. газеталарда басылып турган. Жог. кино билимин берүү ж-а Фильмология ин-тунда проф. Иск-во тааныу илимд. доктору (1956). «Кинонун жалпы тарыхы» (1958—63-ж. 1—3, 6-томдору орусчага которулган), «Кино өнөрүнүн тарыхы» (1957-ж. орусчага которулган) аттуу эмгектердин автору.

САДЫБАКАСОВ Шатман (25. 15. 1932-ж. т., Баш-Кууганды айылы, азыркы Нарын обл., Жумгал р-ну) — кыргыз совет жазуучусу. 1961-жылдан КПСС мүчөсү. Колхозчунун үй-бүлөсүнөн. КМУнун филол. ф-тетин бүткөн (1954). «Жаш ленинчи» журналында адабий кызматкер (1955—62), «Кыргызстан» басмасында редактор (1962—65), «Ала-Тоо» журналында бөлүм башчы (1965—75) болуп иштеген. 1975-жылдан ушул журналдын баш редактору. Чыг-ларын 1950-жылдан жарыялана баштаган. С-дун тунгуч китеби — «Пейил» (1958). Кийин аның «Мүнөз» (1966), «Жол түгөнбойт» (1962), «Бир үзүм жалын» (1964) аңгеме, повесттери, «Күндөр» романы (1965), «Жашыл өзөн» (1968) ырлар жыйнагы, «Ак боз ат» (1972) драмасы, «Уят эмеспи» (1977) деген комедиясы басмадан чыккан. С-дун чыг-ларына ачык-айкын образдуулук, жатык тил, турмуш кагылыштарын кылдат сүрөттөө мүнөздүү.

Чыг.: Кең дүйнө [Чыг-ларынын бир томдугу], Фр., 1976.
Ад.: Карымшаков С., Турмуш сапаты, «Ала-Тоо», 1964, № 12; Шатман Садыбакасов, к-пте: Самаганов Ж., Советтик Кыргызстан жазуучулары. Вибиблиогр. справочник, 2-бас., Фр., 1976, 448—50-б.

САДЫКОВ Абдыкадыр (25. 10. 1933-ж. т., Ат-Башы р-ну, Кара-Суу кыш.) — кыргыз совет ад-тчысы, филол. илимд. доктору (1972). Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү (1979). 1958-жылдан КПСС мүчөсү. М. В. Фрунзе атн. пед. ин-тту бүткөн (1953). Ош пед. ин-тунда (1953—56), Кыргыз мамл. кыз-келин пед. ин-тунда мугалим (1959—60), 1960-жылдан Кыргыз


А. Садыков.


А. С. Садыков.


Р. Э. Садыков.


С. Садыков.

ССР ИАнын Тил, ад-т ин-тунда иштейт: 1963—66-ж. ст. ил. кызматкер, 1966—74-ж. сектор башчы, 1974-жылдан директорго орун басар, 1978-жылдан директордун милдетин аткаруучу. С-дун кыргыз совет адабиятынын тарыхы» (1970) ж-а көп томдуу «Көп улуттуу совет адабиятынын тарыхы» (5-т.) сыяктуу коллективдүү эмгектерди жазууга катышкан.

Эмг.: Алыкул Осмоновдун поэзиясындагы традиция жана новаторлук, Фр., 1961; Национальное и интернациональное в киргизской советской литературе, Фр., 1970; Проблемалар жана ойлор, Фр., 1972; Эл достугу—адабияттардын достугу, Фр., 1977.

САДЫКОВ Абид Садыкович [2 (15). 11. 1913-ж. т., Ташкен] — сов. химик-органик, СССР ИАнын акад. (1972; корр. мүчө, 1966), Соц. Эмг. Баатыры (1973). 1946-жылдан КПСС мүчөсү. О. Азия (Ташкендеги) ун-тин бүтүрүп (1937), Ташкен текстиль ин-тунда (1937—39), Өзбек ун-тинде (1939—41) сабак берген. 1941-жылдан Ташкендеги О. Азия ун-тинде (1956-жылдан кафедра башчы, 1958—66-ж. ректор) иштөө м-н Өзбек ССР ИАнын Химия ин-тунун директору (1946—50) да болгон. 1966-жылдан Өзбек ССР ИАнын президенти ж-а Өзбек ССР ИАнын биоорг. химия бөлүмүнүн жетекчиси (1973). Анын эмгектери биол. активдүү заттардын түзүлүшүн ж-а таасиринин механизмдерин түшүндүрүүгө арналган. СССР Жог. Советинин (7—10-шайл.) депутаты. Төрт Ленин ордени, башка 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Эмг.: Химия алкалоидов, Таш., 1956; Листья хлопчатника — ценное химическое сырьё, Таш., 1967 (совм. с А. В. Туруловым); Химия среднеазиатской флоры, М., 1973; Синтезы органических препаратов пиридинового ряда, Таш., 1974 (совм. с О. С. Отрощенко, Ю. В. Курбатовым).

САДЫКОВ Жалил (23. 10. 1923-ж. т., Кемин р-ну, Кичи-Кемин кыш.) — кыргыз совет акыны. Кызматкердин үй-бүлөсүнөн. 1964-жылдан КПСС мүчөсү. КМУнун филол. ф-тетин бүткөн (1958). 1958—59-ж. «Кыргызстан пионери» газетасында бөлүм башчы, 1959—64-ж. Нарын аймагы б-ча Кырг-н жаз. союзунун адабий консультанты болгон. 1964—67-ж. «Ала-Тоо» журналында адегенде бөлүм башчы, кийин жооптуу секретарь болгон. 1967-жылдан «Жаш ленинчил» журналында редактор. Ырлары 1951-жылдан жарыялана баштаган. Тунгуч ыр жыйнагы «Убада» деген ат м-н 1958-ж. чыккан. Андан бери С-дун «Жайкы таңда» (1961), «Кечээкинин күбөсү» (1962), «Сары озон» (1966), «Кылымдын барактары» (1968), «Сырдашуу» (1969), «Унутулгус обондор» (1971), «Жоогазын» (1971) деген ыр китептери чыкты. С-дун поэзиясына кыргыз поэзиясынын салтына берилгендик, ачык-айкын ж-а так ой жүгүртүү, жайдарылык ж-а обондуулук мүнөздүү. С. драматург ж-а котормочу катары да белгилүү. Ал «Карагул ботом», «Табышкандар», «Жукеев-Пудовкин», «Тайгак жол», Тоголок Молдо ж-дө «Боз торгой» ж. б. драмаларды, Шаршен Термечиков ж-дө «Күйөө жолдош» деген комедия жазган. О. Хайям, Гейне, Лермонтов, Гамзатов ж. б. акындардын ырларын кыргызчалаган.

Чыг.: Топ жылдыздар. (Тандалган ырлар жана поэмалар), Фр., 1973; Пьесалар, Фр., 1976.

Ад.: Жалил Садыков, к-пте: Самагаев Ж., Советтик Кыргызстан жазуучулары. Биобиблиогр. справочник, 2-бас., Фр., 1976, 451—53-б.

САДЫКОВ Рысбек Эсенкулович (17. 4. 1929-ж. т., Аламүдүн р-ну, Орто-Алыш кыш.) — илимпоз-зоотехник, а. ч. илимд. доктору (1972), Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү (1977). 1957-жылдан КПСС мүчөсү. 1949-ж. К. И. Скрябин атн. а. ч. ин-тун бүткөн. 1949—50-ж. Талас обл. мамл. атканада ст. зоотехник. 1954—63-ж. Кырг-н мал чарба ж-а вет. ил. из. ин-тунда ст. ил. кызматкер, 1963—65-ж. Кырг-н КП БКнын ж-а Кыргыз ССР Мин. Советинин парт. мамл. контролдоо комитетинде а. ч., суу чарба ж-а далдоо болүмүнүн башчысы. 1965—73-ж. Кырг-н мал чарба ж-а вет. ил. из. ин-тунун директору ж-а 1965-жылдан малды колдон уруктандыруу ж-а малдын тукумсуздугуна каршы күрөшүү б-ча лабор-янын ил. жетекчиси. 1973—75-ж. Кыргыз ССР Мин. Советинин мамл. пландоо комитетинин пред-линин орун басары. 1975—78-ж. Кырг-н КП БКнын а. ч. бөлүмүнүн башчысы. 1978-жылдан Кыргыз ССР ИАнын Президиумунун башкы ил. секретары. Бийик тоолуу Кырг-ндын шартында малды колдон уруктандыруу ж-а өстүрүү биологиясы б-ча ил. изилдөөлөрдү оңуктургон, асыл тукум өндүргүчтөрдү рационалдуу пайдаланууну ыкмасын, тубар малдын тукумчулдугун арттыруу жолдорун ж-а малдын кысыр калуусуна каршы күрөшүү чараларын иштеп чыгышкан. Кырг-нда мамл. асыл тукум станцияларды ж-а малды колдон уруктандыруунун кеңири тармактарын түзгүч уюштуруучулардан. Ал—170тен ашык ил. эмгектин (20 монография) автору. Айрым эмгектери эл аралык конф-ялардын, симпозиумдардын ж-а конгресстердин (Москва, 1962; Париж, 1968; Варна, 1971; Мюнхен, 1972 ж. б.) материалдарына басылган. Илимдин 7 кандидатын даярдаган, С-дун жетекчилиги м-н Кырг-ндын а. ч-н адистештирүү схемасы иштелип чыккан. Эмгек Кызыл Туу, 2 «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Эмг.: Воспроизводство овец в горной Киргизии, Ф., 1973; Искусственное осеменение овец и коров в Киргизии, Фр., 1976; Специализация и концентрация сельскохозяйственного производства в Киргизской ССР, Фр., 1976 (соавт.); Малды өз толуңун эсебинен көбөйтүүнүн чаралары, Фр., 1977.

САДЫКОВ Самат (1920, Ош обл., Лейлек р-ну, Ударник к-зу, азыркы Самат атн. кыш.— 1. 5. 1945, Германия, Фризак ш.) — Сов. Союз. Баатыры (1945), кенже сержант. Сов. Армияга 1940-ж. октябрда Сүлүктү ш-дык аскер комиссариатынан чакырылган. Улуу Ата Мек. согушка 1943-ж. мартта кирип, 4-гвард. атчандар дивизиясынын 16-атчандар полкунун 1-эскадронунда пулемёт расчётунун командири болгон. Украина, Белоруссия ж-а Польша жерлерин душмандан бошотушкан. Быдгощ ш. (Польша) үчүн салгылашта жарадар болсо да, гитлерчилердин ок атуучу 8 точкасын, 30дан ашуун солдатын жок кылган. Берлинди алуу үчүн Фризак ш-нда бетончо эрдик көрсөткөн. С. фашисттердин 400дөн ашуун солдаты м-н офицерин, көп техникасын жок кылган. 1-дараж. Ата Мекендик Согуш, Кызыл Туу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. Анын ысмы м-н кыштак, совхоз, көчө, мектеп ж-а пионер дружинасы аталган.

Ад.: Санников В. В., Семенков В. Н., Родинанын даңкы үчүн, Фр., 1970.

САДЫКОВ Тургунбай (4. 9. 1935-ж. т., Ош обл., Баткен р-ну, Говсурар кыш.) — кыргыз совет скульптору, Кыргыз ССР эл сүрөтчүсү (1978), Кыргыз ССРинин иск-во эмг. син. ишмери (1972). 1973-жылдан КПСС мүчөсү. Москвадагы Жог. сүрөт окуу жайына (мурунку Строганов) каршы жог. курсту (С. Конёнков м-н Е. Ф. Белашовадан таалим алган) бүткөн (1964). 1968-жылдан Кырг-н сүрөтчүлөр союзунун башкармасынын пред-ли ж-а СССР сүрөтчүлөр союзунун башкармасынын секретары. Чыгылгын 1954-жылдан респ-калык, респ-калар аралык, бүткүл союздук, эл аралык сүрөт көргөзмөлөрүнө катышуу м-н баштаган. С. портрет, чакан скульптуралык композиция, монумент-жасалга жанрларында чыг-лар жараткан. Негизгилери: «Кичинекей койчу», «Дем алуу» (1961), «Дирижёр» (1961), «Айтиевдин портрети» (1966), «Д. Күйүкованын портрети» (1968), «Акын Омор Султановдун портрети» (1969), «Кылым таштары» сериясы (1970), «М. Рыскулов Лирдин ролунда» (1974) ж. б. (бардыгы Кыргыз мамл. сүрөт өнөрү музейинде). С-дун чыг-лары СССР сүрөтчүлөр союзу м-н СССР мад-т мин-восунун коргозмолор дирекциясында, Рев-я музейинде, Третьяков гал-нда сакталууда. Ал — Фрунзе ш-ндагы *«Достук» монументинин* авторлорунун бири ж-а *«Революциянын каармандарына» монументинин* (СССР САнын алтын медалы, 1979) автору. Кырг-н Ленин комсомолу сыйл. лауреаты (1967). Кыргыз ССР Жог. Советинин (8—9-шайл.) депутат. «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.


Т. Садыков иш үстүндө.

Чыг.: Воплощение образа, Фр., 1974; Крылья, М., 1976.

Ад: Асанбеков С., Доңгочко жан киргизди, к-пте: Турмуш жана искусство, Фр., 1972.

САДЫКОВ Убайдулла (19. 11. 1902-ж. т., Ош обл., Кара-Суу р-ну, Мады кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1957). 1939-жылдан КПСС мүчөсү. 1939-жылдан Кара-Суу р-нундагы Калинин атн. к-здун башкармасынын пред-ли. Ал башкарган колхоз 1956-ж. 1520 *га* жердин гектарынан 29,5 *ц* пахта алган, мал чарба азык-түлүгүн өндүрүүдө зор ийгиликтерге жетишкен. СССР Жог. Советинин (4-шайл.), Кыргыз ССР Жог. Советинин (3-шайл.) депутаты. Эки Ленин ордени, 3 Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

САДЫКОВА Сыйнат (7. 9. 1917, Кыргыз ССРи, Киров р-ну, Чымкент кыш.— 14. 3. 1976, Фрунзе ш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1957). 1944-жылдан КПСС мүчөсү. 1943-ж. мугалимдер ин-тун бүтүп, Чоң-Коргон жети жылдык мектебинде мугалим. 1944-жылдан парт. ж-а сов. кызматтарда: партиянын Киров райкомунун ж-а Талас обкомунун аппдар арасында иштөө болүмүнүн башчысы, партиянын Будённый райкомунун секретары, Эл депутаттарынын Талас обл. советинин аткомунун пред-линин орун басары, Талас обл. соода болүмүнүн башчысы. 1954-жылдан Эл депутаттарын ы н


Т. Садыков.

Киров р-ндук советинин аткомунун пред-ли. Ушул мезгилде бул райондун экономикасы өсүп, а. ч. өсүмдүктөрүнүн түшүмү жогорулап, мал чарбанын продуктуулугу арткан. СССР Жог. Советинин (5-шайл.), Кыргыз ССР Жог. Советинин (3—4-шайл.) депутаты. Кырг-н КП БКнын мүчөсү (1960). Ленин ордени, «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

САДЫРБАЙ — Ош обл-ның Кара-Суу р-нундагы Катта-Талдык айыл советине караштуу кыштак. «Катта-Талдык» асыл тукум кой з-дунун аймагында. Райондун борбору ж-а т. ж. станциясы Кара-Суу ш-нан 24 *км* түш.-чыгыш тарапта. Калкы 548 (1978). Сегиз жылдык мектеп бар.

САДЫР-КОРГОН — Талас өрөөнүндөгү о. кылымга таандык ири шаар чалдыбары. Талас суусунун сол жээгинде, Киров кыш-нан 2 *км* түн. тарапта. А. Н. Бернштам м-н Н. П. Кожемяко изилдеген. О. кылымдагы Түн. Кырг-н үчүн мүнөздүү шаар. Анын обочо курулган коргонуу чеби, борб. бөлүгү (цитадели), топ-топ жайгашкан курулуштары бар чоң аймагы болгон. Чеби азыр да жакшы сакталган. 1966—70-жылдагы казуу убагында турак жайлардын, домна (эритүү) мештеринин калдыктары, тиричилик буюмдары, алтын, күмүш тыйындар табылган. С.-К. о. кылымда О. Азияда металл иштетүүдө чоң роль ойногон Шелжи ш-ның чалдыбарына окшоштурулат.

САЕНКО Алексей Ильич (29. 3. 1911-ж. т., Амур обл., Константиновградовка кыш.) — сов. онколог, проф. (1951), Кыргыз ССРинин илимге эмг. син. ишмери (1972). 1942-жылдан КПСС мүчөсү. Иркутск ун-тинин мед. ф-тетин бүтүрүп (1931), Эвенк улут округунда ооруканада хирург, Иркутск мед. ин-тунун жалпы хирургия кафедрасында ординатор, ассистент (1934—41) болуп иштеген. Улуу Ата Мек. согушка катышкан. 1946—51-ж. Казак мед. ин-тунун доценти, 1951-жылдан Караганды мед. ин-тунун, 1956—58-ж. КММИнин ректорунун орун басары. 1958-жылдан *Кыргызстан онкология жана радиология илим изилдөө институтунда* директор. С.— 145тен ашуун ил. эмгектин автору. Алар негизинен аскертталаа хирургиясына, кан куюу жолдоруна, о. эле карындын рак ооруусун


У. Садыков.


С. Садыкова.

хирургиялык жол м-н дарылоого арналган. С. Октябрь Революциясы, Кызыл Жылдыз ж. б. ордендер м-н сыйланган.

Чыг.: Хирургическое лечение распространённых форм рака желудка, Фр., 1967; Тотальная гастроэктомия при раке желудка, Фр., 1973.

САЖАД ЗАХИР Саед (5. 11. 1905, Лакхнау — 11. 9. 1973, Алматы) — инди ж-а пакистан коомдук ишмери, жазуучу. 1932-жылдан Индия компартиясынын, 1943—48-ж. анын БКсынын мүчөсү. Лакхнау ж-а Оксфорд ун-ттерин бүткөн. 1929-ж. Улуу Британия компартиясына мүчөлүккө өткөн. Англия, Пакистан, Индия компартияларынын ишине белсене катышып, Азия ж-а Африка өлкөлөрүнүн көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн, бир нече жолу камалган. Прогрессчил инди жазуучулар ассоциациясын (1936) түзүшкөн. Ад-тта новеллачы катары таанылган. Анын соц. реализм методуна аздыр-көптүр ыктай жазылган «Кызытылган көмүр» (1936) жыйнагы, «Лондон түнү» (1937) повести, «Оорулуу» (1936) деген пьесасы, «Жарык шооласы» (1956) аттуу мемуары бар.

САЗ — өтө нымдуу жер. Нымдын молдугунан анда орг. заттар чиришбей жыйыла берип, чым көңгө айланат. С. топуроктун саздануусунан жө көлмөлөрдү чөп басуудан пайда болот. Осумдүгүнүн мүнөзү ж-а азыктануусу б-ча оёндогу С. (эвтроф), отмо С. (мезотроф) ж-а бийиктеги С. (олиготроф) болуп бөлүнөт. С. негизинен Түн. жарым шардын токой зонасында кеңири тараган. С-дын жалпы аянты 350 млн *га*. С. СССРдин европ. бөлүгүнүн түндүгүндө, Полесье, Батыш Сибирь, Камчатка ж. б. жерлерде кездешет. Кырг-нда саздуу жердин жалпы аянты болжол м-н 600 *км*² (1956), анын 95% Түн. Кырг-нда. С. эл чарбасында чоң маанииге ээ. С-дан казылып алынган чым көң жер семирткич, отун, курулуш материалы ж. б. катары пайдаланылат; баалуу хим. продукт алынат.

Ад.: Кац Н. Я., Болота и торфяники, М., 1941; Исаев Д., Болота Северной Киргизии, Фр., 1956.

САЗ — кылдуу чертме муз. аспап. Уз. 500—1200 *мм*. Азерб-н, армян, иран, түрк ж. б. элдерде кеңири тараган. С. ырды коштоодо ж-а эл аспаптар ансамблинде колдонулат.

САЗАН (Cyprinus carpio) — кацылтырлар тукумундагы балык. Уз. 1

мге, салм. 12 *кгга* жетет. Кара, Каспий ж-а Арал деңиздеринде ж. б. жерде жашайт. Тургун же өтмө болуп жашоочулары бар. Тургун С. да-



Амур сазаны.

йыма эле бир көлмөдө, ал эми өтмө С. көл же деңиздин тузсуз бөлүгүндө кездешет, 1,5 млн-чо уругун суунун деңгээге же көлгө куйган жерине сүзүп барып таштайт. С-дар 2—5 жылдан кийин көбөйөт. Ал өсүмдүк, омурткасыздар м-н азыктанат. Кырг-нда — Ысык-Көлдө ж-а Каркыра, Чүй, Талас, Кара-Дарыя, Чаткал д-ларынын алаптарында жашайт. Ысык-Көлдө С. жакшы көбөйүп, бат чоңоюп, салм. 16 *кгга* жетет.

Лб.: Турдаков Ф. А., Рыбы Киргизии, Фр., 1963.

САЗАНОВ Багыш (1878, Кара-Суу, азыркы Жумгал р-ну — 15. 2. 1958, өшөл эле район, Кызыл-Туу кыш.) — манасчы. «Манастын» үч бөлүмүн тең айткан. Атасы да, өзү да устачылыкты, тегирменчиликти кесип кылып, ошо кесип м-н оокат кылган кишилер болгон. С. «Манас» айтканды чоң аталаш тууганы, Тыныбек Жапы уулунун шакирти Байбагыш Жакып уулу (1914-ж. ө.) деген манасчыдан үйрөнгөн. Эл арасына «Манасты» 18—19 жашынан айта баштаган. С-дон 1938—41-ж. аралыгында «Манастан» болжол м-н 101 600 сап ыр («Манастан» — 41 миң, «Семетейден» — 55 миң, «Сейтектен» — 5600) жазылып алынган. Ал азыр өзүнчө жарыялана элек. С-дун варианты башка негизги варианттарга караганда олуттуу өзгөчөлүктөргө ээ. Ал «Манастан» башка «Жакыл Мырза», «Түгөлбай» деген элдик эпикалык чыгарды да кара сөз м-н айткан.

Лб.: Абдылдаев Э., Манасчы Багыш Сазанов жана анын вариантынын өзгөчөлүгү, «Кыргыз ССР илимдер академиясынын кабарлары», 2-чыг., 6-т., Фр., 1964, 69—89-б.

САЗ ГАЗЫ — токтоп калган көлмө түбүнөн бөлүнүп чыккан газ. Составында көбүнчө *метан* (CH_4) ж-а азыраак көмүр кычкыл газ м-н азот болот.

САЗ ЖЕРДИ КУРГАТУУ — топурактагы чарб. ишке залал келтирүүчү сууну жок кылуу же алдын алуу. Ал а. ч. үчүн зор мааниге ээ. Топурактагы артык баш сууну жоготуу жаңы жерди өздөштүрүүгө ж-а анын продуктуулугун арттырууга мүмкүндүк берет. Ал үчүн гидротех., агротех. ж-а чарб. чаралар колдонулат.

САЗ ТОПУРАГЫ — чирий элек же чала чирген өсүмдүк шакелдеринде (калдыктары) бай, чиринди канык-кан мол топурак. С. т. Кырг-ндын айрым жерлеринде да учурайт, к. *Чым көң топурак.*

САЗ ЧӨКМӨЛӨРҮ — минералдар м-н орг. калдыктардын сазда топтолушу. С. ч-нүн басымдуу көпчүлүгүн чым көң түзөт. Жер астындагы суулар м-н азыктанган саздарда чым көң арасында анча көп эмес карбонаттар, темир туздары, фосфаттар ж. б. топтолот. Үстүңкү бетин өсүмдүк басып кеткен көл акырындык м-н С. ч-нө айланат (мындагы чопо кабатчалары, кум, борпоң аки таш теги ж-а сапропелдер да С. ч. болуп эсептелет).

САЗЧЫ КУНУ (Myocastor coypus) — кемирүүчүлөр түркүмүндөгү жаныбар. Келестерге окшош. Уз. 60, куйругу 45 *см*, салм. 12 *кгга* жетет. Тумшугу кыска, жыт сезгич мурут бар, жакшы кемирет, арткы бутунун манжалары жаргакчалар м-н бириккен. Териси баалуу. СССРде Закавказье ж-а Түш. Таж-нда кездешет. С. к. дарыяның саздуу, көлдүн бал камыштуу, жекендүү жээктеринде 8—10 жыл жашайт. Сууда жакшы сүзөт, чумкуйт, суу өсүмдүктөрү, моллюскалар м-н азыктаныш, ийнинге 1—12 бала туулт. СССРде ж-а бир катар чет өлкөлөрдө куну өстүрүүчү чарбаларда ж-а фермаларда баалуу тери алуу үчүн багылат. Сүротүн к. *Кемирүүчүлөр* макаласынан.

САЙПОВА Санавар (2. 6. 1928-ж. т., Ош обл., Кара-Суу р-ну, Шарк кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1948). Эмгек жолун Кара-Суу р-нундагы «Шарк» к-зунда колхозчу болуп иштөөдөн баштаган. 1946-жылдан Калинин атн. к-здо звено башчысы. 1947-ж. 5 *га* жердин гектарынан 86 *ц* пахта алган. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

САЙ — дарыя-суулардын кургак нугу. С-дын жазылыгы ондогон, терендиги 7—10 *мге* жетет. Жазында кар суулары толуп, жайында какшыйт. С-дын чуңкур жерлеринде көлчүктөр кездешет.

САЙ — Ош обл-нын Баткен р-нундагы Кыштут айыл советине караштуу кыштак. «1-Май» с-зунун аймагында. Райондун борбору Баткенден 48 *км* чыгыш тарапта. Исфара т. ж. станциясынан (Тажик ССРи) 68 *км*. Калкы 785 (1978). Орто мектеп, мад-т үйү, китепкана, медпункт бар.

САЙ — Ош обл-нын Совет р-нундагы Ылай-Талаа айыл советине караштуу кыштак. Карл Маркс атн. к-здун аймагында. Тар д-нын боюнда. Райондун борбору Кара-Кулжадан 10 *км* батыш тарапта. Кара-Суу т. ж. станциясынан 85 *км*. Калкы 1560 (1978). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

САЙГАК, к. *Ылаалар.*

САЙГАК ЫЛАҢЫ — уйдуң өнөкөт ылаңы, к. *Гиподерматоздор.*

САЙГӨН — *Хошимин* ш-нын 1976-жылга чейинки аты.


САЙКС — ПИКО МАКУЛДАШУУСУ (1916) Осмон империясынын Азиядагы, көбүнчө араб өлкөлөрүндөгү өзөктөрүн бөлүшүү ж-до Улуу Британия м-н Францияның ортосунда түзүлгөн. Англ. дипломат М. Сайкс м-н франц. дипломат Ф. Жорж-Пико даярдаган. Ноталарды алмашуу формасында 9—16-майда Лондондо түзүлгөн. Иракта, Иорданиянын Түш.-Чыгыш аймагы м-н Араб ж. а-ның айрым княздыктарында Улуу Британия бийлигин, Ливан, Сирия, Түп. Ирак, Түш.-Чыгыш Анатолияда Франция бийлигин орнотуу белгиленген. Палестинага (Хайфа ж-а Акка Улуу Британияга берилген) эл аралык башкаруу (формасы кийин аныкталмак болгон) орнотулган. Биринчи дүйн. согуш (1914—18) бүткөн соң С.—П. м. Улуу Британиянын пайдасына өзгөртүлгөн [к. *Севр тынчтык келишими (1920)*]. Россиядагы Улуу Окт. соц. рев-ясынын ж-а Түркиядагы улуттук-бошт. күймылдын жеңиши түрк элинигидеги жерлер ж-дөгү келишимдин турмушка ашырылышына тоскоол кылган.

САЙЛЫК — Чүй р-нундагы Искра айыл советине караштуу кыштак. «Чүй» жүзүмчүлүк совхоз-комбинатынын аймагында. Райондун борбору Чүйдөн 10,5 *км* чыгыш тарапта. Токмок т. ж. станциясынан 9 *км*. Фрунзе — Рыбачье автомобиль жолунун боюнда. Калкы 671 (1976). Сегиз жылдык мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

САЙМА, Чоң Сайма — Финляндиянын түш.-чыгышындагы көлдөр системасы. Жалпы аянты 4400 $км^2$, терең. 82 *мге* чейин, деңгээлинин бийик. 76 *мден* 82 *мге* чейин. Жээктери кокту-колоттуу, аскалуу, токой м-н капталган. Көлдөрдү туташтыруучу суу салаалары, аралдар көп. С-га көптөгөн суулар куят. С-дан Вуокса д. башталып, Ладога көлүнө куят. Суусунун деңгээли жайында көтөрүлүп, жазында төмөндөйт. Декабрдан майга чейин муз каптайт. Жээгиндеги порттору: Миккели, Лапперанта, Савонлинна, Поэнсу. Көлдөр Сайма каналы аркылуу Балтика деңизиндеги Финн булуңу м-н туташат.

САЙМА, кеште (иран-тажикче кашто — «тартылган, чийилген») — кездеме, тери, кийиз, килем, таар ж. б. үй буюмдарынын бетине кооздук үчүн түшүрүлгөн кандайдыр бир заттын сөлөкөтү. Ал окшош, уйкаш элементтерден туруп, ырааттуулук м-н кайталанат. С. асемдик ж-а кол өнөрчүлүктүн бир түрү катары байыртан дүйнөнүн бардык элине белгилүү. С-да жүн, жибек, кебез, кендир ж. б. жиптер, кээде мончок, шуру, бермет сыяктуу акак таштар да колдонулат. С. ийне, илме ийне, шибеге, илме шибеге, азыр машина м-н да сайылат. Кыргызда С-нын мүйүз, кыял, карга тырмак, гүл, бадам, куш канат, ит куйрук, көкөр, комуз, тумарча, айчык, секиртме ж. б. түрлөрү болот, к. *Саймачылык.*

САЙМАЛЫ-ТАШ — таштарга чегилген оймо-чиймелери ж-а сүроттору бар жер. Кырг-ндын Когарт ашуусуна жакын Саймалы-Таш өзөнүндө Н. Г. Хлудов, И. Т. Пославский, Б. М. Зима, А. Н. Бернштам, Н. Л. Подольский, Ю. Н. Голендухин, Г. А. Помаскиналар изилдеген. 10 *га* аянттагы жылмакай ар түрдүү коломдогу тегиз таштарга негизинен адамдын, тоо эчки, теке, аркар, бугу, жылкы, төө, бука, илбирс, карышкыр, доңуз, түлкү, ит, жыландын сөлөкөттөрү, күндүн сүрөтү тартылган. С.-Т. оймо-чиймелеринде тематикалык сүроттөр да бар. Алардын эң көрүнүктүүлөрү: адамдын тоо эчкиге жаа м-н аңчылыгы, бийлеп ж-а күрөшүп жаткан адамдар, өгүзгө чегилген буурсун м-н жер айдоо. Бул сүроттөр б. з. ч. 2-миң жылдыктан б. з. 1-миң жылдыгынын 1-жарымына чейинки мезгил-



1. Жер айдоонун көрүнүшү. 2. Кийикти ити м-н жаачан төрт мерген каман турат.

де жашаган уруулардын социалдык-экон. ж-а рухий турмушунан кабар берет.

САЙМАЧЫЛЫК, кештечилик — *сайма* саюу, кеште тигүү кесиби; элдик чыгыктын, улуттук иск-вонун бир түрү. Арх-лык маалыматтарга караганда сайма саюу өнөрү дүйнө элдеринде (кыргыздарда да) байыркы заманда эле пайда болгон. Буга Кырг-ндын Кеңкол, Кара-Булак (б. з. ч. 1-к.) көрүстөнүнөн (арх-лык эстеликтерден) табылган сайма кийимдер далил. Анын өнүгүшүнө жаныбарлардын терисинен кийим тигүү, аларга илмек (топчу) кадоо таасир эткен. Бара-бара С. элдик колдонмо иск-вонун бир түрүнө айлана баштаган. Саймада адамзат кесибинин эң алгачкы түрлөрү, айлана-чойрого болгон көз караштары чагылдырылган. С-тын техникасы алгач таш, сөөк, кийин коло, анан болот пйнөнүн пайда болушуна, кийин жип пйрүүнүн, өрмөчүлүктүн ж-а боёо иштөөнүн өнүгүшүнө байланыштуу өркүндөгөн. С-тын эволюциясы Азия, Европа, Америка өлкөлөрүндө сакталган эстеликтерде, ад-т чыг-ларында, о. эле кол өнөрчүлүктүн ар кайсы элдерде, ар кандай дооролордо сакталып калган түрдүү үлгүлөрүндө чагылдырылган. С. ар бир элдин кесибине, жашоо шартына ж. б. жагдайына байланыштуу стилдик эволюцияга ээ. Мис., 14-к-да Кытайда кагазга тушь м-н чийилген сүроттөрдүн үлгүсүнө ылайык пйнө м-н саймаланган «сюхуа» («пйне живописи») деген паннолор пайда болгон. Кайра жаралуу доорунда С. өнүгүү техникасы ж-а көркөмдүгү жагынан өтө жог. деңгээлге көтөрүлгөн. Бул убакта С-та акак таштар ж-а жүн, жибек жиптер, алтын, күмүш жалатылган жалтырак (түстүү) түрлөр пайдаланылган.

19-к-дын 2-жарымында өнүккөн өлкөлөрдө машина м-н саюу башталат. Бирок СССРде, соц. ж-а демокр. мамлекеттерде машина м-н катар кол м-н да сайма саюу улантылууда. О. Азия ж-а Каз-нда да С. кеңири өнүккөн.

Кыргыздарда сайма түшүрүүнүн ыктары: көптүрмө сайма, илме дос (же туура) сайма, басма сайма, жөрмөмо сайма, терс кайык сайма деп аталат. С. азыр Кырг-ндын бардык булуң-бурчунда элдик өнөрдүн түрү катары өнүгүп, эзелтен бери келаткан көркөм өзгөчөлүктөрүн сактап калуу м-н турмуштун жаңы талаптарына ылайык жаңыча форма алууда. Азыркы турак үйлөрдө эски сайма буюмдар м-н катар сайма терезе парда, сайма эшик парда, сайма керебет жаюкч, сайма сүлгү сыяктуу буюмдар да кездешет. Жаштардын, өздүк көркөм чыг-лык пйримине катышуучулардын кийимдерине өркүндөтүлгөн саймалар сайылат. Саймага түр түшүрүүдө жаңы ойлорду, жаңы маанайды чагылдырган мотивдер (сюжеттер) пайда болууда: тынчтык кептеринин, союздаш респ-калардын гербдеринин, Кремлдин, ар түрдүү расадагы адамдардын достук кол кармашууларынын, ракеталардын ж. б. сүроттөрүн саймалоо кеңири таралууда.

Лб.: Народное декоративно-прикладное искусство киргизов, М., 1968; Антипина К. И., Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов, Фр., 1962; Акматалиев А., Кыргыздын кол өнөрчүлүгү, Фр., 1975.

САЙРООН — дарыя нугунун жал түрүндөгү тайыз жери. Агымдын пйктү текши эмес жеринен пайда болот. Суунун агымы жак капталы тик болуп, агымга каршы жагы жантайыңкы келет. Суу кирген мезгилде С-до суунун деңгээли көтөрүлүп, шиленди катмардын пайда болушуна шарт түзүлөт; бул С-дун чоңоюшуна алып келет. С. жайылмаларда, дарыя куймаларынын чатына жакын жерлерде көп кездешет.

САЙЫШ, к. *Эр сайыш.*

САКАЛДЫ — Ош обл-нын Ленин р-нундагы Сакалды айыл советине караштуу кыштак. «Коммунизм» к-зунун аймагында. Райондун борбору Ленин-Жол кыш-нан 14 *км* түш.-батыш тарапта. Төптөк-Сай т. ж. станциясынан 12 *км*. Калкы 2190 (1978). Орто мектеп, китепкана, клуб, үй тиричилик комбинатынын бөлүмдөрү бар. Улуу Ата Мек. согушта ж-а басмачылар м-н күрөштө курман болгондорго өстелик тургузулган.



С. Саипова.

САККО — ВАНЦЕТТИ ПРОЦЕССИ (1927) — АКШдагы сот процесси; анда итал. революционер - жумушчулар Никола Сакко м-н Бартоломео Ванцеттиге Саут - Брейнтри (Массачусетс) ш-ндагы бут кийим ф-касынын кассири м-н 2 кароолчусун өлтүрдү деп жалаа жабылган. Жумушчу ж-а прогрессчил башка уюмдарды куугунтуктоо м-н коштолгон бул процесс 1920-ж. июнда Плимут ш-нда башталган. Атайын тандалган присяжныйлар күбөлөрдүн жалган далили м-н бурмаланган экспертизаларга талпын, Сакко м-н Ванцеттини күнөөлүү деп айыптап, өлүм жазасына өкүм кылган. Массачусетс штатынын соту Тейер ж-а федералдык сот органдары пшти кайра кароо ж-дөгү бардык өтүнүчтөрдү четке каккан соң АКШда ж-а бүткүл дүйнөдө соттун чечимине каршы кыймыл башталган. Бирок бардык аракет патыйжасыз аяктап, 1927-ж. 23-августта Сакко м-н Ванцетти электр отургучунда өлтүрүлгөн. 1977-ж. АКШ соту Н. Сакко м-н Б. Ванцеттинин күнөөсүз айыпталганын официалдуу моюнга алган.

САКЛЯ (грузинче сахли — үй) — тоолук кавказдыктардын үйү. С. таштан, кыштан тургузулуп, төбөсү жалпак болот. Мурда С. бир бөлмөлүү, терезесиз, асты жер, от ортосуна жагылып, төбөсүндө түтүн чыкчу тешиги болгон. Азыр С. көп бөлмөлүү, асты тактайланып, темир меш орнотулат; көбүнө электр жарыгы, радио киргизилген.

САКМАЛ, сакман — жаш козулуу кой тобу. Ал тууттан 2—4 күн өткөндөн кийин 5—7 тубар койдон түзүлөт. Өзүнчө чакан тор тосмого которулат. Ар С-га козусунун жашы ж-а торолушу бирдей койлор кошулат. Козу м-н энесине бирдей белги салынат же атайын номер илинет. Козу чоңойгон сайын С. көбөйүп, бир айдан кийин жалкы козулуу 60—120 же эгиз козулуу 30—60 койго жетет. Кыркынга чейин С. бир короого бириктирилет. С-дагы койду сакмалчы тейлейт.

САКМАРА — Башкырт АССРи м-н Оренбург обл-ндагы дарыя, Урал д-нын оң куймасы. Уз. 798 *км*, алабынын аянты 30 200 $км^2$. Урал-Тоонун (Түш. Урал) түш. капталынан башталат. Өрөөнү жазы. Негизинен кар сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы (чатынан 55 *км* жогору) 144 $м^3/сек$. Ноябрда тоңуп, апрелде ачылат. Башкы куймалары: Зилаир, Чоң Ик, Салмыш. Төмөнкү агымында кеме жүрөт. Чатына жакын (Урал д-нда) Оренбург ш. жайгашкан.

САКОО — жылкынын колкосун, шилекей безин сезгентүүчү жугуштуу ылаң. Дарт бардык жерде кездешет. Ыландаткычы — стрептококк (Streptococcus eqvi), тышы чөйрөгө туруктуу келет. Инфекцияны оорулуу же ооруп айыккан жылкы таратат. Мындай жылкынын таноосунан аккан ирің, шүүшүн жем, чөп, суу, акыр ж. б-ды булгап, соо жылкыны ылаңдатат. Ылаң ургундай кеч күздө, кышында ж-а жазга маал жолугат да, көбүнчө тез өтөт. Жылкы калтырап, жем-чөптү көп жебей, шайы кетет, шилекей (жаак) бези шишип, ириндеп, жарылат. Диагноз эпизоотологиялык маалыматтардын, клиникалык белгилердин ж-а лабор-ялык изилдөөлөрдүн негизинде коюлат. Оорулуу жылкы өзүнчө бөлүп дарыланат. Короо-жай дезинфекцияланат.

САКСЕ (күйөөсүнүн фамилиясы б-ча — *А б з а л о н*) Анна [3(16). 1. 1905-ж. т., азыркы Гулбене р-ну] — латыш совет жазуучусу, Латыш ССР эл жазуучусу (1965). 1925—27-ж. Латвия ун-тинен окуган. Чыг-лары 1925-жылдан жарыялана баштаган. «Эмгекчил уруу» романы (1941) латыш дыйкандарын 1905—07-жылкы рев-я-га алып барган жолду көргөзөт. «Тоодо» романы (1948; СССР мамл. сыйл., 1949) латыш кыштактарында соц. түзүлүштү орнотуу күрөшү ж-дө. «Түнкү учкундар» романында (1—2-т., 1951—57; Латыш ССР мамл. сыйл., 1959) бурж. Латвиядагы интеллигенция турмушу сүрөттөлөт. С.— балдарга арналган китептердин да автору. СССР Жог. Советине (3—4-шайл.) депутат. Октябрь Революциясы ордени, башка 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: в рус. пер. — Кузнец счастья. Рига. 1964; Искры в ночи. В гору. М., 1974.

Ад.: История латышской литературы, т. 2, Рига, 1971.

САКСОНИЯ — ГДРдеги тарыхый аймак. Анда алгачкы о. кылымда славян уруулары жашаган. С-ны 10-к-да немец феодалдары басып алып, Мейсен маркасын негиздешкен. Бул марка 1264-ж. Тюрингияны, 1423-ж. Саксен-Виттенбергди (Саксон герцогдугунун бир бөлүгү) каратқан соң Германиядагы эң ири княздыкка айланып, анын аймагы С. аталган. С-да 15—16-к-да алгач прет капит. ө. ж. пайда болуп, мад-т өнүккөн. С.— 16-к-дагы реформачыл кыймылдын ж-а 1524—26-жылдардагы дыйкандар согушунун чордону. 1547-ж. Шмалькальден согушунда (1546—48) герцог Мориц Саксонский протестант княздарын талкалагандыгы үчүн император Карл Үден курфюрст титулун алып, С. жерин бүт бириктирген. *Отуз жылдык согуш (1618—48)* мезгилинде С-ның өнүгүшү бир топ төмөндөгөнү м-н 17-к-дын аягы — 18-к-да ал кайрадан жогорулаган. Бирок С-да капитализмдин андан ары өнүгүшүнө феод. мамилелер тоскоол кылган. С-ны *Түндүк согушунун (1700—21)* жүрүшүндө шведдер, Жети жылдык согушта (1756—63) Пруссия басып алган. С. 18-к-дын аягында Францияга каршы, 1806-ж. Пруссия м-н бирдикте Наполеон Iге каршы согушкан. Йенанын жанында жеңилген соң (1806-ж., 14-окт.) С. кайра Наполеон тарапка өткөн ж-а Рейн союзуна кирип, королдук болгон. *Вена конгрессинин (1814—15)* чечими б-ча С. аймагынын жарымына жакыны Пруссияга өткөн. 1871-ж. Германия империясына кирген. 19-к-дын ортосунда немец жумушчу кыймылынын негизги базасына айланган. Лейпциг, Дрезден ж. б. шаарларда жумушчу союздары түзүлүп, А. Бебель м-н В. Либкнехт кеңири иш жүргүзгөн. С-да 1909-ж. жалпыга таандык (эркектер үчүн) шайлоо укугу киргизилген. *Ноябрь революциясынын (1918)* натыйжасында монархия кулатылып, респ-ка жарыяланган. Веймар конституциясы (1919) б-ча Германия респ-касынын составына кирген. С-да 1923-ж. октябрда солчул социал-демократтардан ж-а коммунисттерден жумушчу өкмөтү түзүлгөн. Фаш. диктатура убагында С. аймагында коммунист Г. Шуман жетектеген антифаш. эң ири жашырын уюм иштеген. 1945-ж. фаш. Германия талкаланганда С. СССРдин оккупациялык зонасына кирип, 1949-ж. ГДРдин составына кошулган. 1952-ж. С. аймагы Дрезден, Лейпциг, Карл-Маркс-Штадт округдарына бөлүнгөн.

САКСОФОН — үйлөмө муз. аспап. Бельгиялык А. Сакс ойлоп ташкандыктан аның ысмы м-н аталган. Жезден жасалат. С-дун 7 түрү бар. С. үйлөмө аспаптар, эстрада ж-а симф. оркестрлерде колдонулат, о. эле жеке (соло) да ойнолот.

САКСТАР — 3—4-к-да уруу союзуна биригкен герман урууларынын тобу. Алгачкы о. кылымда С. Түн. Германия аймагын (Рейнден чыгышка, Эльбадан батышка карай) ээлеп, 5-к-дын ортосу — 6-к-дын 1-жарымында алардын бир бөлүгү Британияга оон отурукташкан. С-да короолдук бийлик болгон эмес. Улуу Карлдын саксон согуштарынан (772—804) соң С-ды франктар каратып, Саксония Франк короолдугунун составына кийрилген; С. зордоо жолу м-н феод. мамилеге өтө баштаган. 843-ж. С. Чыгыш Франк короолдугуна өтүп, 9-к-дын аягында Сакс герцогдугу түзүлгөн.

Ад.: Неусыхин А. И., Возникновение зависимого крестьянства, как класса раннефеодального общества в Западной Европе VI—VIII вв., М., 1956, гл. 4.

САКТАЛУУ ПРИНЦИБИ — перселердин, алардын каспеттеринин ж-а мамилелеринин сактала тургандыгын көрсөтүүчү пл. теориялардын жалпы принцибн. Илимдеги жаңы жетишкендиктер, материалдык объектилер түрдүү өзгөрүүлөргө дуушар болсо да, жалпы каспеттери ж-а мамилелери сакталып каларын ырастады. Сакталуу ж-дөгү идея бардык кубулуштун башатын издеген байыркы философияда кезигет. Мис., *а т о м и з м*. Платон дүйнөнүн пайдубалында жаткан элементтердин өзгөрбөс гармониялык түзүлүшү ж-дөгү окуусунда бул идеяны өнүктүргөн. Анын окуусу кийин С. п. м-н тыгыз байланышкан *с и м м е т р и я* принцибине айланган. С. п. *с т р у к т у р а* ж-дөгү түшүнүктүн тереңдешинде чоң роль ойногон. С. п. диалектиканын классикалык закондору ж-а категорилары м-н тыгыз байланышта. Сакталуунун ж-а өзгөрүүнүн биримдиги — табияттын, ойлоонун өнүгүшүнүн жалпы закону. Кыймылды ж-а аның формаларын изилдөөнү сакталуунун аларга дал келген формаларын анализдемейинче жетишерлик деп эсептөө мүмкүн эмес. С. п. таанымдын акыйкаттыгынын критерийи боло алат. Ойлоонун ж-а пл. билимдердин өнүгүшү С. п-не баш ийет. Ал өркүндөп жаткан ойлордун ниварианттары (окшош варианттары) катары көрүнөт. Дал ушул ниварианттар адамдын өзгөрүлмө дүйнөдө туура багыт алышын камсыз кылышат.

САКТАР — Иран тилдеринде сүйлөп, негизинен көчмөн жашаган (б. з. ч. 1-миң жылдык — б. з. 1-к.) уруулардын аты. Шынаа жазуу даректеринде, античный авторлордун эмгектеринде, кытай хроникаларында, о. эле индиялык ж. б. булактарда ар түркүн урууларды белгилөө үчүн колдонулган. С-ды грек тарыхчысы Страбон «азиялык скифтер» деп жазган. Байыркы перс жазууларында С. үч топко болүнгөн: хаумаварга С. (античный авторлордун маалыматы б-ча амюргилер), тиграхауда С. («шуцшугуй тумакчандар») ж-а тьяй — парадарая С. («деңиздин ары жагындагылар», б. а. Кара деңиз боюндагы скифтер). Алар О. Азия, Каз-н ж-а Чыгыш Түркстан аймактарын мекендеген. С. союзуна яксарт, массагет, нсседон, дай ж. б. уруулар биригкен. Б. з. ч. 6-к-дын аягы — 5-к-дын башында С-дын бир бөлүгүн Ахеменилер каратқан. С. ага салык төлөп, аскер берген; перс армиясынын составында грек-перс согуштарына (500—449) катышкан. Б. з. ч. 3-к-да сак урууларынын бир тобу байыркы көчмөн урууларды кысымынан Парфияга басып кирип, Парфия падышалыгынын түзүлүшүндө кыйла роль ойногон. Кийин Дрангианга келип отурукташып, ал жер Сакастан (азыркы Сейстан, Иран м-н Афг-н аймактарында) аталган. С. Афг-н, О. Азия ж-а Түн. Индостан элдеринин этносунда маанилүү роль ойногон. С-дын тили Чыгыш Түркстанда (Хотан) б. з. 10-к-на чейин сакталган.

Сов. археологдор С-дын маданий эстеликтерин Казак ССРинин түш. райондорунан, Өзбек ССРи, Кыргыз ССРи ж-а Тажик ССРинен тапкан. С. иск-восуна скифтердин *айбанаттар стилинде* жасалган буюмдары мүнөздүү.

Ад.: Бернштам А. Н., Историко-ар-



Рыскулов макаласына. 1. У. Шекспир, «Король Лир» — М. Рыскулов Король Лирдин ролунда. 2. М. Горький, «Егор Булычов жана башкалар» — Егор Булычов. 3. М. Убукеев, «Тайгак кечүү» — абышка. 4. А. Сахаров, Г. Шенгелая, «Муз жүрөк жөнүндө баян» — Жайкиев. 5. Г. Н. Чухрай, «Жылкычынын ыры» — Бадма. 6. А. Токомбаев, «Өлбөстүн уроңу» — Калча. 7. А. С. Бергункер, «Жоро» — Козубай. 8. М. Рыскулов кыргыз драма театрынын артисттеринин арасында. 9. Т. Океев, «Бакайдын жайыты» — Бакай. 10. Т. *С а д ы к о в*, «М. Рыскулов Лирдин ролунда» портрети.



Саякбай Каралаев макаласына. 1. Саякбай (биринчи катарда солдон оңго үчүнчү) Чыгыш изилдөөчүлөрдүн эл аралык 25-конгрессине катышкандардын арасында. Москва. 1960. 2. Кыргыздын айтылуу акын-жазуучуларынын, окумуштуулардын бир тобу Саякбайдын «Манас» б-ча вариантын талкуулоодо. Солдон оңго — Ө. Жакишев (экинчи), А. Алтымышбаев, Б. Керимжанова, Аалы Токомбаев, Б. Юнусалиев, К. К. Юдахин, К. К. Каракеев, С. Каралаев, Т. Сыдыкбеков, К. Жантөшев, А. Убукеев. 3. Саякбайды киного тартуу учуру. 4. Саякбай ж-а Ч. Айтматов. 5. Саякбай аңчылыкта. 6—7. Саякбайдын «Манас» айтуу учурунан фрагменттер. 8. Т. Садыков. Саякбайдын бейит белгиси (1979). Ала-Арча көрүстөнү (Фрунзе ш.). 9. Саякбайдын төл чыг-лары ж-а анын варианты б-ча чыккан кыргыз эл жомоктору, дастандар.

хеологические очерки Центрального Тянь-Шаня и Памиро-Алая, М.—Л., 1952; Артамонов М. И., Сокровища саков, М., 1973.

САКТЫК КАССА — калктын *салым* акчасын топтоочу кредит мекемеси. Капит. өлкөлөрдөгү С. к-дагы каражат — *ссуда капиталын* түзүүнүн бир булагы. С. к.—үстөмдүк кылуучу таптын кызыкчылыгы үчүн *улуттук кирешени* кайра бөлүштүрүүгө көмөкчү. Ал көп өлкөдө 18-кылдын аягы — 19-к-дын башында пайда болгон. Аны жеке коом, муниципалитет, мамлекет уюштурган. Россияда алгачкы С. к. 1841-ж. Петербургда, Москвада уюштурулган. Соц. өлкөлөрдөгү С. к-дагы акча экономика м-н мад-тты өнүктүрүү, элдин тиричилигин жакшыртуу үчүн пайдаланылат. СССРдеги С. к-нын негизги максаты — калктын убактылуу ашык акчасын топтоп, мамл. ички заём таратуу, калк, мекеме, уюм, ишкана м-н кассалык-эсептешүү ж. б. иш жүргүзүү. Мамл. эмгек С. к. РСФСР ЭКСтин 1922-ж. 26-октябрдагы токтому б-ча уюшулган. Кырг-нда 1961-ж. 538 С. к. болсо, 1977-ж. 705ке жеткен. С. к-ны СССР мамл. эмгек С. к-сынын башкармасы жетектейт. С. к. ишин башка соц. өлкөлөрдө да жакшы жолго коюлган.

Ад.: Сберегательные кассы СССР за 50 лет, М., 1972.

САЛ (жог. болүгүндө Журак-Сал) — РСФСРдин Ростов обл-ндагы дарыя. Дондун сол куймасы. Уз. 798 *км*, алабынын аянты 21 300 *км*². Калмак АССРинин аймагынан башталып, кургак талаа аркылуу агат. Негизинен кар сууларынан куралат. Суусу март — апрелде кирет. Жылдык орт. чыгымы (чатынан 205 *км* жогору) 9,9 *м*³/*сек*. Жайында жог. агымында соолуп калат. Декабрдын ортосунда тоңуп, марттын аягында ачылат. С. Дон каналы аркылуу Цимлян суу сактагычынан суу алат.


САЛАВАТ — Башкырт АССРиндеги шаар. Ак д-нын (Каманын куймасы) боюнда. Т. ж. станциясы. Уфа ш-нан 188 *км* түш. тарапта. Калкы 136,8 миң (1979). Нефть-химия комбинаты, тех. айнек ж-а машина куруу (нефть аппаратураларын чыгарат) з-ддору бар. Курулуш материалдар ишканалары иштейт. Уфа нефть ин-тунун кечки ф-тети, индустр. техникум, мед., пед. ж-а муз. окуу жайлары бар. *Салават Юлаевдин* ысмына коюлган.

САЛАВАТ ЮЛАЕВ [5(16). 6. 1752, Текеево кыш., азыркы Башкырт АССРи, Салават р-ну — 26. 9(8. 10). 1800, Балтикадагы Рогервик порту, азыркы Эстон ССРи, Палдиски ш.] — башкырт элинин улуттук баатыры, *Пугачёв башында турган дыйкандар согушунда (1773—75)* башкырт отрядынын жетекчиси, төкмө акын. 1773-ж. октябрда башкырт отрядын (2 миң адам) баштап, Пугачёв тарапка өткөн. Башк-ндагы көтөрүлүштү жетектеген. 10 миң адамдан турган отряд жыйнап, Кунгур, Оренбург ж-а Красноуфимск багыттарында ийгиликтүү салгылашкан. Пугачёв колго түшкөн соң күрөштү токтоткон эмес. 1774-ж. 24-ноябрда колго түшүп, Рогервик чебине (Эстон ССРи) өмүр бою абакка салынган. Аның ырлары эл оозунда сакталган. С. Ю-дин ысмында Салават ш. аталган, ад-т ж-а иск-во жаатындагы эң жакшы чыг-лар үчүн Башкырт АССР мамл. сыйлыгы белгиленген.

Чыг.: Стихи. (Предисл. М. Карима), «Дружба народов», 1972, № 11; в рус. пер. — Стихи и песни, Уфа, 1952; Злобин С. П., Салават Юлаев, Уфа, 1978.

САЛАЙР ТОКОЛ ТООСУ — РСФСРдин Кемеров, Новосибирский обл-тары м-н Алтай крайындагы плато сымал дөңсөө. Кузнецк чуңкурдугунун батышында. Уз. 300 *км*. Бийикт. 621 *м*ге чейин (Кивда чокусу). Кристаллдык аки таш, кумдук, туф, гранит тоо тектеринен турат. Жантайыңкы түш.-батыш капталдарын ж-а түзөң кырларын негизинен бай төрек, пихта, кайың токою каптап жатат. Түн.-чыгыш бети тик; кайың-бай теректүү, кызыл ж-а мырза карагайлуу токой өсөлөйт; талаа ландшафттары да кездешет. Полиметалл рудалары бар.

САЛАМ-АЛИК — Түш. Кырг-ндагы кооз жер. Өзгөн р-нунун аймагында. Жазы (Яссы) суусунун сол жээгинде жапыз тоолуу жерден орун алган.



Салам-Аликтеги жаңгак токою.

Өзгөн ш-нан 34 *км* түн.-чыгышта. Уз. 9—10 *км*, туурасы 3—4 *км*, аянты 40 *км*². Деңиз деңг. орт. бийикт. 1270—1700 *м*, эң бийик жери 2384 *м* (Ак-Башат чокусу). Бор ж-а юра мезгилдеринде пайда болгон кызыл, боз түстөгү чөкмө тектерден (кумдук, чопо, аки таш) турган кокту-колоттуу, орто бийиктеги тоо басымдуу. Климаты мелүүн, июлдун орт. темп-расы 17°С, январдыкы 6°С, жылдык жаанчачыны 863 *мм*. Булак көп. Кара көрөң ж-а кара көң топурактуу. С.-Атын ландшафтынын кооздугун ыңгайлуу орографиялык түзүлүшү ж-а неоген мезгилиндеги жылуу субтропиктик климаттык шартта өскөн торгой флорасынын азыркыга чейин сакталып калган ж-а тоолордун кырына чейин таралган жапайы жаңгак-жемиш токою түзөт. Анын арасында кыргыз алмасы, алча, бадам, сасык кайың, ак чечек, ыргай, ак кайың, табылгы, долоно, шилби ж. б., ал эми токой арасындагы ачык аянттарда бийик чөптүү шалбаа өсүмдүктөрү өсөт. Айбанаттары: элик, доңуз, түлкү, суусар, коён, булбул, кекилик, бактек, кыргоол ж. б. Жаңгак-жемиш токоюнун кызыл түстүү жарлар м-н айкалышкан көркү, жагымдуу климаты эмгекчилердин эс алуусуна, туризмдин өнүгүшүнө шарт түзөт. С.-А. токоюнан жаңгак, алма ж-а бадам жемиши жыйналат. Салам-Алик суусунун боюнда пионер лагерлери бар.

САЛАМ-АЛИК — Ош обл-нын Өзгөн р-нундагы Октябрь айыл советине карапгуу кыштак. Кырг-ндын 50 жылдыгы атн. с-здун аймагында. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 40 *км* түн.-чыгыш тарапта, Кара-Суу т. ж. станциясынан 90 *км*. Калкы 832 (1976). Орто мектеп, китепкана, үй тиричилик комбинатынын бөлүмдөрү бар.

САЛАМАНДРАЛАР (Salamandridae) — куйруктуу жерде-сууда жашоочулардын тукуму. Жетилген С-дын бакалоору жок, өпкөсү болот. Европа, Азия ж-а Түн. Америкада 15 уруусу таралган. Көбүнчө кадимки С., тритондор ж-а узун куйруктуу С. белгилүү. Кадимки С. уруусундагылардын денеси чың, куйругу кыска, кулак жанындагы бези жакшы өөрчүп, жонунда тарактасы жок. Түстөрү кара, көксү сары же кызгылт сары тактуу. Бул уруунун 3 түрү кездешет. Нымдуу, көлөкөлүү жерде, кемирүүчүлөрдүн ийиндеринде, токой төшөлмөсүндө жашайт. Ургаачысы 72дей личинкасын сууга таштайт. Майда омурткасыздар м-н азыктанат. Кадимки С-дын тери бездеринен чыккан заттар уу келип, майда жаныбарга тийсе, өлүмгө дуушарланат. Узун куйруктуу С-дын 2 түрү бар. Анын бири Грузияда кездешет. Куйругу узун. Аны кесип таштаса, ал кайра калыбына келет (регенерациялanат), к. *Регенерация*. Сүрөтүн к. *Жерде-сууда жашоочулар* макаласынан.

САЛАМАТТЫК САКТОО — калктын саламаттыгын сактоо ж-а чыдоо үчүн жүргүзүлгөн мамл., социалдык, экон. ж-а мед. чаралар комплекси. Совет бийлигинин биринчи күндөрүнөн С. с-го партия м-н өкмөт өзгөчө көңүл бурууда. 1918-ж. 11-июлда В. И. Ленин РСФСРдин саламаттык сактоо б-ча эл комиссариатын түзүү ж-дегү РСФСР ЭКСтин декретине кол койгон. 1936-ж. СССР саламаттык сактоо эл комиссариаты (1946-жылдан СССР саламаттык сактоо мин-восу) уюшулган. Бардык союздаш ж-а автономия респ-каларда С. с. мин-восу, крайлык, обл., шаардык ж-а райондук эл депутаттар советтеринин аткомдорунда С. с. бөлүмдөрү түзүлгөн.

Соц. С. с-нун негизги принциптери: элге акысыз, адистештирилген мед. жардам көрсөтүү, алдын алуу (тышкы чөйрөнү тазартуу, түрдүү, өзгөчө жугуштуу ооруларга каршы күрөшүү, физ-ра ж-а спортту өркүндө-



А. А. Салиев.



Т. Салиева.

түү), санаторий-курорттук дарылоо (к. *Санаторий, Курорттор*), коомчулуктун С. с-го катышуусу. СССРде С. с-нун багыты КПССтин ж-а Совет өкмөтүнүн саясаты м-н аныкталат. Биздин өлкөдө С. с. ишине жумшалуучу каражат мамлекеттин бюджетинин бир бөлүгүн түзөт, о. эле мамл., кооперация, профсоюздук ж. б. коомдук уюмдардын, колхоздордун өздүк каражаттары да жумшалат. Капит. өлкөлөрдүн көбүндө С. с-го өкмөт тарабынан камкордук көрүлбейт; мед. жардам акылуу ж-а кымбат.

Лит.: Социальная гигиена и организация здравоохранения, под ред. А. Ф. Серенко, В. В. Ермакова, М., 1977; 60 лет советского здравоохранения, М., 1977.

САЛАТ, эгилме латук, салат латук (Lactuca sativa)—таатаал гүлдүүлөр түкумундагы бир жылдык, жалбырагы тамак-ашка пайдаланылуучу өсүмдүк. Анын жапайы түрү Түп. ж-а Түш. Европа, Түн. Африка, Алдыңкы Азияда; СССРде — Сибирь, О. Азия, Закавказьеде өсөт. С. жер шарынын дээрлик бардык жеринде эгилет. Ал суукка чыдамдуу, жарык м-н нымды көп керектейт, тез жетилет. Түбүнөн жалбырактап, өзөк сабак байлайт. Сабагынын уз. 60—120 *см*. Гүлү эки жыныстуу, сары түстүү. Эгилме С-тын 3 түрү бар: жалбырактама, баш ж-а ромэн С. Жалбырагында B_1, B_2, С, РР, Р, А, К витаминдери, 2,5—3,5% кант, углевод, протеин, кальций, калий, темир, фосфор тузу, алма ж-а лимон к-талары болот. Алар тамак сиңирүүнү, нерв ж-а кан тамыр системасынын иштешин жакшыртат. С. организмди холестеринден арылтууга жардам берип, атеросклероз оорусунан сактайт. Тез жетилгендиктен СССРде парникте, жылытылчта, ачык жерде, Кыргызда огороддо өстүрүлөт.

Лит.: Марков В. М., Овощеводство, М., 1966.

САЛАХОВ Таир Теймур уулу (29. 11. 1928-ж. т., Баку) — сов. живописчи ж-а график, СССР эл сүрөтчүсү (1973), СССР САнын корр. мүчөсү (1966), 1964-жылдан КПСС мүчөсү. Бакудагы А. Азимзаде атн. Азерб-н сүрөт окуу жайынан (1945—50), Москвадагы В. И. Суриков атн. Сүрөт ин-тунан (1951—57) окуган. 1963—74-ж. Бакудагы М. А. Алиев атн. Азерб-н иск-во ин-тунда окутуучу (1973-жылдан проф.). 1975-жылдан Москвадагы В. И. Суриков атн. Сүрөт ин-тунда окутуучу (проф.). Негизги чыг-лары: Кара Караевдин портрети (1960, Третьяков гал.), «Ремонтчулар» (1961, Р. Мустафаев атн. Азерб-н иск-во музейи), «Каспийде» (1967; жог. үч чыгармасы үчүн СССР мамл. сыйлыгы, 1968), «Жаңы деңиз» (1970; Азерб-н ССР мамл. сыйлыгы, 1970), У. Шекспирдин «Антоний менен Клеопатра» спектаклинин жасалгасы (1964; Азерб-н ССРинин М. Ф. Ахундов атн. сыйлыгы, 1965) ж. б. СССР Жог. Советине (7—8-шайл.) депутат. КПССтин 23—24-съезддеринин делегаты. СССР сүрөтчүлөр союзунун башкармасынын биринчи секретары (1973). Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.



Т. Салахов. «Апшерон аллдары». Кендир, май боёк. 1967.

Лит.: Наджафов М., Живопись Азербайджанской ССР. 1960-е годы, [Альбом], М., 1976.

САЛВАДОР, Баия — Бразилияның түн.-чыгышындагы шаар. Баия штатынын админ. борбору. Атлантика океанынын жээгиндеги порт, т. ж. станциясы. Аэропорту эл аралык мааниде. Калкы 1007,2 миң (шаар айланасы м-н, 1970). Маанилүү экон. борбор. Химия, цемент, тамеки, тамак-аш, кебезден кездеме токуу ө. ж. ишканалары иштейт. С-го жакын металлургиялык, нефть-хим. ж. б. ишканалар курулууда (1974). Ун-т бар. 16—18-к-дагы арх-ралык эстеликтер сакталган. Шаар 1549-ж. негизделген.

САЛЕХАРД (1933-жылга чейин — Обдорск) — РСФСРдин Тюмень обл-ндагы Ямал-Ненец автономия округунун борбору, шаар. Обь д-нын оң жээгинде, дарыя порту. Балык-консерва, сүт з-ддору ж-а үй куруу комбинаты бар. Курулуш жабдууларын чыгарат. Тактай жөнөтүүчү база. Шаарда зоовет. техникум, мед., пед. ж-а маданий агартуу окуу жайлары бар. Край таануу музейи, эл чыг-лык үйү иштейт. С. 1595-ж. негизделген.

САЛИЕВ Азиз Абдыкасымович (10. 11. 1925-ж. т., Ысык-Көл обл., Тоң р-ну, Күн-Чыгыш кыш.) — философ, адабий сынчы, публицист, коомдук ишмер. Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү (1954). 1948-жылдан КПСС мүчөсү. Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу (1942—45). КМПИнин орус тили ж-а ад-ты ф-тетин бүткөн (1947). Кырг-н КП БКга караштуу респ-калык партил мектебинин филос. кафедрасынын башчысы (1951—53). Кырг-н жазуучулар союзунун предли (1953—60), Кыргыз ССР ИАнын эстетика ж-а иск-во секторунун башчысы (1960—66, кайра 1975-жылдан), Филос. ж-а укук ин-тунун директору (1966—75).

С.— 100дөй филос., адабий-сын ж-а публ. эмгектин автору. Эмгектеринде иск-вонун эстетикалык касиеттери ж-а коом турмушундагы мааниси, көркөм кабылдоонун өзгөчөлүгү, ойлоонун табияты ж-а анын система катары көрүнүшү ж-дөгү маселелерди, улуттук мад-ттын түрдүү жактарын теория жүзүндө терең изилдеген. «Илим диңди ашкерелейт» (1964), «Кыргыз искусствосунун тарыхы» (1972), «Искусстводогу улуттук жана интернационалдык белгилер» (1973), «Искусство жана адам» (1979) жыйнактарынын түзүүчүсү ж-а редактору. Ф. Энгельстин «Людвиг Фейербах жана немецтик классикалык философиянын акыры» эмгегин кыргызчалаган. В. И. Лениндин «Материализм жана эмпириокритицизм» эмгегин которгондордун бири ж-а редактору. Кыргыз ССР Жог. Советине (4-шайл.) депутат. Кырг-н КП БКнын мүчөсү (1954—58). Эки «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Эмг.: Жизнь в стихах, Фр., 1962; Что такое мысль, Фр., 1972; Мышление как система, Фр., 1974; Человеческая психология и искусство, Фр., 1979.

САЛИЕВА Турсунхан (1. 6. 1922-ж. т., Ош ш.) — өзбек совет актёру. Кыргыз ССР эл арт. (1974). 1952-жылдан КПСС мүчөсү. Театрга киргенге чейин Ош жибек түрүү ф-касында (азыркы жибек комбинаты) иштеп, өздүк-көркөм чыг-лыгына катышкан. 1935-жылдан С. М. Киров атн. Өзбек муз. драма театрында. С.— драмалык, трагедиялык ролдорду бирдей аткарган чыг-лык мүмкүндүгү кенен артист. Негизги ролдору: Луиза (Ф. Шиллер, «Жүзү каралык жана сүйүү»), Эмилия (У. Шекспир, «Отелло»), Кабанниха (А. Островский, «Добул»), Майсара (Хамза, «Майсаранын жоруктары»), Хайри (Ш. Рашидов, «Кубаттуу толкун»), Бурма (К. Жантөшев, «Токтогул»), Чүкөдөй, Бопуйна (Т. Абдумомунов, «Жыгылган оогонго күлөт», «Ашырбай»), Гүлгаакы (М. Тойбаев, «Жаңы келин») ж. б. С. бийчи катары «Миножат», «Заң», «Чоң оюн» ж. б. өзбек классикалык бийлерин бийлеген. Спектаклдерде балет сценаларын («Кандуу жылдар», реж. Ф. Литвинская, Ж. Азизов; «Эки билерик», реж. Ш. Сагдулла) койгон. С. Улуу Ата Мек. согуш учурунда фронттогу жоокерлерге концерт берген. Иранда гастролдо болгон. Азыр педагог, балетмейстер болуп иштейт. Медалдар м-н сыйланган.


Лит.: Израилов Я., Маннанов А., Ош музыкалык драма театры, Фр., 1973.

САЛИЕВА Уркуя [1910-ж. т., азыркы Ош обл., Ноокат р-ну, 1-Май (мурдагы Меркит-Мүркүт) кыш.— 4. 2. 1934, ошол эле жер] — Кырг-нда колхоз уюштуруучу активдердин бири. 1929-жылдан КПСС мүчөсү. Дыйкан үй-бүлөсүнөн. 1928-ж. Меркит-Мүркүт айыл советине пред-лдикке шайланып, 1929-жылдан Кызыл-Аскер к-зун (райондо алгачкы) уюштура баштаган. Коомдук ишке активдүү катышканы үчүн С. 1934-ж. Кыргыз АССР БАКка мүчөлүккө шайланган. С. күйөөсү м-н тап душманынын колунан курман болгон. «Советская Киргизия» газетасынын 1934-ж. 17-февралдагы санында С-нын курман болгону ж-дө кабар ж-а эпкиндүү колхозчу аялдардын 1-съездинин делегаттарынын ага байланыштуу кайрылуусу жарыяланып, тап душмандарын аёосуз жазалоого, колхоз түзүлүшүн чыңдоо үчүн дагы активдүү күрөшүүгө чакырган. Колхозчулардын өтүнүчү б-ча С. уюштурган колхоз анын ысмынан аталган. Фрунзе ш-нда С-нын ысмында көчө бар. О. эле ал ж-дө роман жазылып, «Уркуя» аттуу кинофильм тартылган.


Лит.: Мамбетсентова З., Өчпөс өмүр, Фр., 1964; Байтемиров Н., Тарых эстелиги. Документалдуу тарыхый роман, Фр., 1966.

САЛИХОВ Мурат [туурасы Салыков Мурат; 7. 7. 1905, Фергана у., Лейлек болушу, Рават айылы (азыркы Ош обл., Лейлек р-ну, Рават кыш.) — 1938] — сов. мамл. ж-а парт. ишмер. 1927-жылдан КПСС мүчөсү. Кедей үй-бүлөдөн. 1919-жылдан Кокондогу балдар үйүндө тарбияланып, 1921—23-ж. Кокон пед. техникумун, 1923—25-ж. Ташкендеги Кыргыз агартуу ин-тун бүткөн. 1925—27-ж. Ош округдук элге билим берүү бөлүмүнө, кийин ВКП(б) Ош округдук комитетинин агитация-пропаганда бөлүмүнө башчы, 1929—30-ж. Өзгөн райаткомунун, Ош округдук аткомунун пред-ли, 1930—31-ж. ВКП(б) Кызыл-Кыя райкомунун секретары. 1931—33-ж. Ташкендеги Марксизм-ленинизм ин-тунда окуган. 1937-жылга чейин парт. жооптуу кызматтарда. 1937-ж. 27-сентябрдан Кыргыз ССР ЭКСтин пред-ли. 1938-ж. 28-февралдан 8-майга чейин Кыргыз ССР Жог. Советинин Борб. Аткомунун пред-линин милдетин аткарган. 1931—37-ж. Кыргыз обкомуна, 1937-ж. Кырг-н КП(б) БКга мүчөлүккө ж-а анын бюро мүчөлүгүнө шайланган.

САЛИЦИЛ АЛЬДЕГИДИ, *о*-оксибензальдегид — бадам жыттанган, түссүз суюктук, кайноо t 196,8°С, тыгыз. 1,167 *г/см*^{3} (20°С). Спирт, эфир м-н жакшы аралашат, бензолдо эрийт. Ал жегичтин катышуусунда фенолго хлороформду таасир этүү м-н алынат. С. а. кумаринди, салицил спиртин алууда, аналит. химияда колдонулат.



САЛИЦИЛ КИСЛОТАСЫ, *о*-оксибензой кислотасы — эң жөнөкөй ароматтык оксикислота; сууда начар, орг. эритмелерде жакшы эрий турган түссүз кристалл. Эрүү t 159°С, кайноо t 211°С. Табиятта көп таралган. Ө. ж-да фенолду карбоксилдөөдөн алынат *(Кольбе—Шмитт реакциясы)*. С. к. антисептик касиетке ээ болгондуктан тери ооруларын дарылоодо, тамак-аш консервалоодо, о. эле *азобоёктор-ду, жылпар жыттуу заттарды* алууда колдонулат. С. к-нын натрий тузу ж-а анын амиди, ацетил салицил к-тасы (аспирин) эң ысыганда ж-а кызыл жүгүрүктө, сезгенүүгө каршы колдонулат.



САЛМАК — оордук күчтүн талаасында тыңч абалда турган нерсенин эркин түшүүгө тоскоол кылуучу асмага же горизонталь тегиздикке аракет эткен күчү. Нерсенин С-гынын P сан мааниси ага аракет эткен оордук күчкө барабар, б. а. $P=mg$, мында m — нерсенин массасы, g — эркин түшүүнүн ылдамдануусу. Берилген нерсенин массасы Жер шарынын ар кандай чекитинде туруктуу чоңдук. gнын мааниси жер бетинде кендикке ж-а деңиз деңг. бийиктигине жараша өзгөргөндүктөн берилген нерсенин С-гы Жердин түрдүү чекиттеринде бирдей эмес. Себеби gнын мааниси Жердин өз огунда айлануусу м-н шартталган ылдамдануура да көз каранды, ошондуктан нерсенин С-гы уюлдагыга караганда экваторду 1/288ге аз. Бийиктик б-ча Жер бетине жакын аймакта gнын мааниси туруктуу деп эсептелет. Бирок С. м-н масса түрдүү физ. чоңдук, алардын өлчөө бирдиктери да ар түрдүү. Мис., С.— күч бирдиги (*н, кгк, тк* ж. б.), масса — масса бирдиги (*кг, г, т* ж. б.) м-н ченелет.

САЛМАКСЫЗДЫК — материалдык затка сырткы күчтөр таасир этсе да ал кыймылда болгондо ошол заттын бөлүкчөлөрүнүн бири бирине басым жасабоо абалы. Мис., лифтидеги адам a ылдамдануусу м-н төмөн түшкөндө $a<g$ болсо, анда салмак сезилет, б. а. лифтинин таманы м-н адамдын таманынын ортосунда басым



У. Салиева.



М. Салихов.

күчтөр пайда болот (мында g — нерсенин эркин түшүү ылдамдануусу). Эгер $a=g$ болсо, ал басым күч жоголуп, С. кубулушу пайда болот. Мында нерселердин бардык бөлүкчөлөрүндө оордук күч аракет кылат, бирок нерсенин бетине таасир этүүчү сырткы күч болбогондуктан бири бирине басым жасабайт. Мындай кубулуштар жердин жасалма спутнигинин (же космос кемесинин) ичине жайгаштырылган нерселерде да байкалат. Себеби жасалма спутник кандай баштапкы ылдамдыкка ээ болсо, ичине жайгаштырылган бардык нерселер ж-а алардын бөлүкчөлөрү о. эле ылдамдык ж-а ылдамдануу м-н орбитада С. абалда болот. С-та адамдын жашоо шарты жерде көнгөн шарттардан айырмаланат. Кээ бир космонавттарда С-тын башталышы тең салмактуулук функцияларынын бузулушу, көп убакыт башын оор сезүү (кан көп келишинен) м-н мүнөздөлөт. Бирок С-ка көнүгүүдө кабылдоолор байкалбайт, кишинин ишке жөндөмдүүлүгү начарлайт. С-та салмактуулукка караганда кишинин кыймыл аракетинде энергияны сарптоо азыраак болот. Эгер космосто учуу узак убакытка созулса, жерге түшкөндөн кийин кишинин организминде өзгөрүүлөр (тик турууга жөндөмсүздүк, кан айлануу, ват алмашуунун бузулушу ж. б.) болот. Бул өзгөрүүлөр бара-бара жоюлуп, организм калыбына келет. Аны ылдамдатууда *физиотерапия* ж-а *айыктыруучу физкультура*, дары-дармек, С-тын организмге жагымсыз таасирлерин алдын алууда ж-а аларды азайтууда машыгуу, булчуңдарды электр м-н стимулдоо ж. б. колдонулат.

Лит.: Медико-биологические исследования в невесомости, М., 1968; Физиология в космосе, пер. с англ., М., 1977.

САЛМАКТЫК АНАЛИЗ — аныктоолуучу затты (иондорду) эритмеден элементардык абалында же эригичтиги өтө начар болгон чөкмө түрүндө бөлүп алып, алардын салмагын так өлчөөгө негизделген *сандык анализдин* бир түрү. Мис., эритмедеги темир иондорунун саны аныктоо үчүн аларга аммиактын суудагы эритмесин таасир этип, темир суу кычкылынын чөкмөсү $Fe(OH)_3$ алынат. Чөкмөнү эритмеден чыпкалап бөлүп алып, кургатып күйгүзгөндөн кийин темир кычкылы (Fe_2O_3) түрүндө аналит. таразага тартылып алынат да,

анын салмагы аркылуу эритмедеги темир иондорунун саны эсептеп чыгарылат. С. а.— сандык анализдин эң так методу. Аны колдонуу м-н хим. элементтердин атомдук салмактары аныкталып такталган. С. а. тоо тектердин, минералдардын, куймалардын ж. б. заттардын хим. составын сан жагынан анализдөөдө колдонулат.

САЛМООР — персени (кобүнчө ташты) алыска ыргыта турган эң байыркы жөнөкөй курал. Аның булгаары же кайыш алаканы, эки учуна бекитилген эки болок жип же кайыш боосунун биринин учу сөөмөйгө же ортонго илгендей туюк илмек түрүндө жасалган. С-дун алаканына таш салып, эки боосун тең кармап, тебедөн жогору айландырып туруп, илмек боосу коё берилип, мээлеген жерди көздөй ыргытылат. Бул куралды байыркы Чыгыштын, байыркы гректер м-н римдиктердин жоокерлери (азыркы элдерден полинезиялыктар) урунушкан. Бул жөнөкөй курал кийин балдар оюнчугуна айланган.

САЛОНА — алгач иллириялыктардын журту. Сплит ш-нан (Югосл-я) 5 *км* түн. тарапта. Б. з. ч. 2-к-дын аягы— 1-к-да римдиктердин Далмацийдагы таяныч пункту, б. з. ч. 27-ж. С. рим колониясы деген статут алган. Б. з. 4-к-нан С. епископтун резиденциясы. Аны 6—7-к-да аварлар м-н славяндар талкалаган. Калдыгы сакталган. С-да арх-ялык изилдөөнү 19-к-дын 80-жылдарынан 20-к-дын 20-жылдарына чейин Ф. Булич жүргүзгөн.

САЛОНДУК ӨНӨР — иск-водогу мазмунсуздуктун, баналдуулуктун ж-а сыртқы гана сулуулуктун синоними. «С. ө.» терминн 19-к-дын 2-жарымында тараган. Алгач париждик салон коргөзмөсүнүн жюриси колдоп, бурж. көрүүчүлөргө жаккан иск-во тиби ушундай аталган. Кийин эстетикалык табити тар адамдарга ылайык жалпы атка айланган. Профессионал чеберчилик өңдөнгөн көрүнүштүн сөзсүз болушу м-н чыг-лык методдогу эклектизм, формалдуу ыктар, ойку-кайкы эффект, аткаруучулардын стилдик туруксуздугу С. ө-дүн сыртқы белгилерине кирет. Академизмдин негизинде пайда болуп, *классицизм, романтизм* тенденцияларын аз аздан өздөштүрүп, *натурализм* м-н эриш-аркак жүрөт.

САЛОНИКИ, Фессалоники — Грециядагы шаар, ири порт. Эгей деңизинин Терманкос булуңунун жээгинде. Калкы 345,8 миң (1971). С-де нефть-химия, металлургия, металл иштетүү ж-а машина куруу (анын ичинен электр тех., кеме куруу, кеме өндөө) ө. ж. ишканалары иштейт. Текстиль ө. ж-ның ири борбору. С-де жылына эл аралык ярмарка болот. Ун-т бар. Байыркы Рим м-н Византиянын арх-ралык эстеликтери сакталган. Шаар б. з. ч. 315-ж. негизделген.

САЛТ, традиция (лат. traditio — өткөрүү) — укумдан тукумга өтүп, кандайдыр бир коомдук топто узак убакыт сакталуучу коомдук ж-а маданий мурас элементтери; белгилүү бир коомдук тартип, жүрүм-турум эрежелери, дөөлөттөр, идеялар, каадалар, адаттар. Айрым С-тар бүткүл коомдук системага тарап, анын жашашынын зарыл шартына айланса, айрымдары коом турмушунун тигил же бул тармагында (экономикада, саясатта, илимде, иск-водо ж. б.) гана жашайт. С. таптык коомдо тапчыл мүнөзгө ээ. Бир жагынан таптык жиктелүү жалпы улуттук маданий мураска таасир көрсөтсө, экинчи жагынан ар бир тап, социалдык топ өз С-ын сактайт. Бул С-тын ж-а ага болгон мамилеинин көп кырдуулугун ж-а карама-каршылыгын жаратат. Ар бир мүүн өз мезгилиндеги тарыхый шартка жараша тигил же бул С-ты жерийт же улантат. Мис., демократ акындардын (Токтогулдун, Тоголок Молдонун) идеялары соц. кыргыз улутунун коомдук ой-пикиринде жашап калса, «Замана» агымынын окуудорүнүн идеялары жашоосун өбөк токтоткон.

Марксизм С-ка кылдат мамиле жасоону талап кылат. Эгер С-ты сокур кабыл алуу коом турмушунда консерватизмге алып келсе, аны таптакыр жерүү муундардын байланышын бузууга, адамзат жетишкен дөөлөттөрдү жоготууга алып келиши мүмкүн. Социализмде рев-ячыл жакшы С-тарды сактоо ж-а өнүктүрүү м-н бирге реакциячыл терс С-тарга каршы күрөш жүрөт. Буга ата-журтту коргоо, ата кызмат кылуу, улууну урматтоо сыяктуу элдик С-тардын сакталышы ж-а аш-той, калыңдын кескин жоюлуп баратышы ачык мисал.

Лд.: Табалдиев А., Салт жөнүндө ой, Фр., 1965; Есенгельдиев С., Улуттук жана диний традициялар жөнүндө, Фр., 1969; Сарсенбаев Н. С., Обычаи, традиции и общественная жизнь, М., 1974; Суханов И. В., Обычаи, традиции и преемственность поколений, М., 1978.

САЛТАНАТ КАПКАСЫ, триумфдарбазасы — белгилүү тарыхый окуялардын урматына тургузулган (убактылуу же туруктуу) аркалуу дарбаза. С. к. жеңүүчүнүн шаарга салтанаттуу кириш шаанси үчүн Байыркы Римде (Тит, 81; Септимий Север, 203; Константин капкалары, 315) пайда болгон. О. эле типте Париждеги Каррузель (1806, арх. Ш. Персье м-н П. Фонтен), Жылдызадар (1806—37, арх. Ж. Ф. Шальгрен) аянтарында капкалар курулган. Россияда капка куруу Пётр Iнин түшүнда башталып, согуш жеңиптерине (Москвадагы салтанат дарбаза, 1827—34, арх. О. И. Бове, Ленинграддагы Нарва салтанат дарбазасы, 1833, арх. В. П. Стасов) арналган.



Москвадагы салтанат капкасы.

САЛТАНАТТУУ ЖҮРҮШ, марш (аскердик) — парад, катарда жүрүүнү кароо, туу же орден тапшыруу, эстеликтерге ж-а аскер мүрзөлөрүнө гүлдесте коюу сыяктуу салтанаттарда аскерлердин музыка коштоосу м-н басып өтүшү.

САЛТОВ-МАЯК МАДАНИЯТЫ — 8—9-к-да Дон аймагында ж-а Азов боюнда жашаган жарым көчмөн уруулардан калган арх-ялык мад-т. Хазар каганд ыгына кирген көчмөндөргө таандык. 9—10-к-дын тогошунда печенегдердин соккусунан кыйраган. С.-М. м-ның 200дөн ашуун эстелиги (чептердин, шаарлардын, көрүстөндүн чалдыбарлары) белгилүү. 1900-ж. Салтов көрүстөнү (Харьков обл., Жог. Салтов кыш-ның жанында), 1906-ж. Маяк шаар чалдыбары (Воронеж обл., Тихая Сосна суусунун Донго куйган жеринде) изилденген. Чыгыш Крымда, Орто Волга ж-а Төмөнкү Дунай аймагынан да С.-М. м-на окшош мад-т кездешет.

Лд.: Артамонов М. И., История хазар, Л., 1962; Плетнева С. А., От кочевий к городам, М., 1967.

САЛТЫКОВ Михаил Евграфович, Салтыков-Щедрин [өз фамилиясы — Салтыков; жашырын аты — Н. Щедрин; 15(27). 1. 1826, Спас-Угол кыш., азыркы Калинин обл., Калязин р-ну — 28. 4(10. 5). 1889, Петербург] — орус жазуучусу. Помещик үй-бүлөсүнөн. Москвадагы Дворяндар ин-тунан (1836—38) ж-а Александр лицейинен (1838—44) таалим алган. Түңүч ырларын да ошондо жазган. «Келишпестик» (1847) ж-а «Чаташкан иш» (1848) деген түңүч повесттеринде социалдык маселе күрч коюлгандыктан, бийлик башындагылар аны 1848-ж. камап, Вяткага кызматка айдап жиберген. Ал адабий чөйрөгө «Губерния очерктери» (1856—57) м-н таанылган. Социалдык чөйрөнү, психологияны даана чагылдырган бул чыгарманы Н. Чернышевский м-н Н. Добролюбов жогору баалаган. С. 1858—62-ж. Рязань м-н Тверде вице-губернатор болгон. 1862-ж. отставкага чыгып, «Современникте», 1868—84-ж. «Отечественные записки» журналында иштеген. С-дун чыг-ларында крепостной укуктун кыйратын, капит. мамилеинин калыптанышын чагылдырып («Пошехонъедеги эзелки убак», «Пазухиндин өлүмү» ж. б.), андагы бюрократчылыкты сатиралык күрч сынга алат («Головлёв төрелөрү», 1875—80; «Азыркы идиллия», 1877—83; «Түрмүштүн майда-чүйдөсү», 1886—87; «Жомоктор», 1882—86 ж. б.). Россиядагы жеке бийликти ашкерелеген «Бир шаардын тарыхы» китебин (1869—70) В. И. Ленин жогору баалаган. Азаттык ж-а соц. идеялардын, демократизм м-н элдик күрөштүн духуна каныккан С-дун чыг-лары орус турмушундагы маанилүү окуя болуу м-н, саясий аң-сезимди тарбиялоого көмөк болгон, орус ад-тын жог. идеялуу чыг-лар м-н байыткан. Чыг-лары СССР элдеринин көп тилине (кыргыз тилине да) ж-а чет эл тилдерине которулган. Ленинграддагы элдик китепканага анын ысмы берилген. Киров ш-нда С-дун мемориал музейи (1968) бар.



М. Е. Салтыков.

Чыг.: Собр. соч. и писем в 20 тт., т. 1—20, М., 1965—77; Ачкемелер, Фр. — Казань, 1939; Жомоктор, Фр., 1956; Головлёв төрөлөр, Фр., 1959; Тандалган жомоктор, Фр., 1975; Акылы ашыкган чабак, Фр., 1976.

Лд.: Денисюк Н., Критическая литература о произведениях М. Е. Салтыкова-Щедрина, в. 1—5, М., 1905; Бушмин А. С., Сатира Салтыкова-Щедрина, М.—Л., 1959; его же, М. Е. Салтыков-Щедрин, Л., 1970; Турков А., Салтыков-Щедрин, 2 изд., М., 1965.

САЛТ ЫРЛАРЫ — элдик ар кандай үрп-адатка же салттарга байланыштуу чыккан лирикалык чыг-лар. Дүйнө элдеринин көбүндө бар. С. ы. байыркы адамдар жаратылыш сырын билбей, анын стихиялуу күчтөрүнө сырым-жырым же сөздүн магиялык күчү аркылуу таасир этип, аман калуу, бактылуу болуу ж. б. максаттарын ишке ашыруу аракетине байланыштуу чыккан. Кыргыздын элдик С. ы. лирикалык ырлардын ичинде орчундуу орун ээлейт, түрү да көп: эм-дом ырлары, жарамазан, норуз — жаңы жыл тосуу ыры, кошок, керээз, угузуу, үйлөнүү, оюн, бешик ырлары ж. б. Сов. доордо С. ы-ның дээрлик көбү өзүнүн маанисин жоготуп, өткөн замандын эстелиги катары эл турмушунда поэтикалык анохронизмге айланды, кайсы бири (мис., бешик ыры, кошок) азыр-көптүр жашоосун улантууда.

Лд.: Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки, Фр., 1973, 34—97-б.; Русское народное поэтическое творчество, М., 1969, с. 64—118.

САЛУИН, Салуэн — Кытай м-н Бирмадагы дарыя. Бир аз бөлүгү Бирма, Таиланд мамлекеттеринин чек арасы м-н агат. Уз. 2820 *км*. Алабынын аянты 325 миң *км*². Тангла кырка тоосунан башталып, Андаман деңизине куят. Кар ж-а жамгыр сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы чатына жакын 6700 *м*³/*сек*. Жайында ташкындайт. Деңгээлинин сезондук өзгөрүүсү 20 *м*. Чатында Моламьяйн деңиз порту (Бирма) жайгашкан.

САЛЫК — калк, ишкана, мекеме, уюм ж. б-дын мамлекетке милдеттүү төлөмү. Коомдун тапка жиктелишинен ж-а мамлекеттин пайда болушунан келип чыккан. Мамлекеттин чыгымын финансылоо үчүн пайдаланылат.

Антагонисттик коомдук-экон. формацияларда С. мамлекет кирешесинин негизги булагын түзөт. С. негизинен эмгекчилердин мойнуна жүктөлүп, аларды кошумча эмгүнү чагылдырат. Кул ээлик ж-а феод. коомдо С. натуралай алынган. Мис., кыргыздар *Көкөн хандыгы* учурунда С-ты чөп ооз, түяк кат түрүндө төлөгөн. Жерг. бай-манаптар да ар кандай «чыгым» ж-а «кошумча» иретинде С. жыйган. Буюм-акча байланышынын өнүгүшүнөн С. акчалай формага өткөн. Мамл.-монополисттик капитализмдин шартында экономиканы милитаризациялоонун, мамл. аппараттын чоюлушунун таасиринен С. ыкчам көбөйүп, негизинен эмгекчилерге оордук келет. Бул тап карама-каршылыгын ого бетер курчутат. 1950—70-жылдарда АКШ, Улуу Британия, ГФР ж-а Японияда мамл. бюджет кирешесинин 70—80% С-тан түшкөн.

Социализмде С.— улуттук кирешенин бөлүгүн коммунисттик курулуш кызыкчылыгы үчүн пландуу бөлүштүрүү ж-а кайрадан бөлүштүрүү каражаты. Калктан чогулуучу С. мамл. бюджеттеги кирешеде анча чоң орун ээлебейт. 1973-ж. ал СССРде мамл. бюджет кирешесинин 8%ин түзөгөн. Социализмде С. коомдук керекке: соц.-маданий, саламаттык сактоо, билим алуу, илимди өнүктүрүү сыяктуу чараларга жумшоо аркылуу элге кайра кайтарылат.

КПССтин 21-съездинде С-ты акырындап жоюу, КПССтин Программасында биротоло жоюу белгиленген.

Лд.: Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Программасы, Фр., 1972; Дьяченко В. П., Советские финансы в первой фазе развития социалистического государства, М., 1947; Марьяхин Ч. Л., Очерки истории налогов в СССР, М., 1964; Кыргыз ССР тарыхы, 1-т., Фр., 1973.

САЛЫМ, аманат — мекемелердин, ишканалардын ж-а калктын кредит уюмдарында сакталуучу акча каражаты. Капит. мамлекеттерде С. (кээде депозит деп аталат) — ссуда капиталынын бирден бир булагы. Ал капиталды борбордоштурууга ж-а топтоого өбөлгө түзүп, ири капиталдын үстөмдүгүн күчөтөт.

СССРде ж. б. соц. мамлекеттерде С.— эмгек сактык кассаларда ж-а мамл. банктарда эмгекчилердин акчасын сактоонун негизги түрү. Элдин аманатын чогултуу акчанын жүгүртүшүнүн чыңдалышына жардам берет да, *социалисттик кенири кайталанма өндүрүш* муктаждыгына керектелет.

СССРде эл байлыгынын өсүшү м-н С-дын жалпы суммасы да арбууда. Мис., 1960—70-ж. сактык кассаларда С. суммасы дээрлик 4,5 эсе артып, ар бир С-дын орт. өлчөмү 581 сомдон болгон. Кырг-ндын сактык кассаларында да эмгекчилердин С-ы көбөйүүдө. Алсак, 1961-ж. 65 594 миң сомдон 1977-ж. 689 815 миң сомго жеткен. Анын жалпы көлөмү көбөйүү м-н орт. өлчөмү да арбууда, 1961-жылдагы 209 сомдун ордуна 1977-ж. 785 сомго жеткен. Сов. закон б-ча ар бир граждан өз каражатын кредит уюмдарында сактооГо, С-ын каалашынча жумшоого, С. үчүн % ж-а утуш түрүндө киреше алууга, аның эсебинен карызынан кутулууга акылуу. С. талап кылынма, мөөнөттүү, утуштуу, шарттуу болуп бөлүнөт.

САЛЫШТЫРМА БАА — шарттуу негиз катары кабыл алынган белгилүү бир жылдагы (кандайдыр бир датадагы) баа. Ал ар кандай мезгилдеги өндүрүш көлөмү, товар жүгүртүү ж. б. экон. көрсөткүчтөрдү салыштырууда колдонулат. СССР эл чарбасын өнүктүрүү планд арында ж-а алардын аткарылышы ж-дөгү отчёттордо парк көрсөткүчтөрү С. б. м-н эсептелинет. С. б-ның бир түрү — туруктуу баа. С. б. катары 1952-ж. 1-янв., 1955-ж. 1-июль ж-а 1967-ж. 1-июлдагы дүң баа колдонулган. Экон. изилдөөдүн максатына жараша С. б. претинде азыркы баа да пайдаланылат. Мындай учурда өткөн жылдардагы маалыматтар учурдагы баага айландырылат. 1976-жылдан пландоодо ж-а эсепте С. б. үчүн 1975-жылдын 1-январындагы — дүң баа ж-а тариф; а. чарбада а. ч. азык-түлүгүнүн 1973-жылкы орто баасы пайдаланылууда.

САЛЫШТЫРМА ГРАММАТИКА — тил илимининн тектеш тилдердин фонетикасын (фонологиясын), морфологиясын, сөз жасоо ж-а сөз өзгөртүү системасын, айрым учурларда синтаксисин салыштырма планда изилдеген бир тармагы. Түңүч С. г. немец тилчилери Ф. Бопп ж-а А. Шлейхер тарабынан инди-европа тилдери б-ча түзүлгөн. 19-к-дын 2-жарымы м-н 20-к-да инди-европа тилдеринин айрым бутактарынын ж-а бир катар тил үйларынын, топторунун С. г-сы түзүлдү. С. г-лык эмгектер түрк тилдери б-ча да жазылды. С. г-ның тектеш тилдерге орток ж-а айрмалуу белгилерди аныктап, алардын натыйжаларын теориялык, практикалык максатка колдонууда маанисн чоң.

Лд.: Сравнительная грамматика германских языков, т. 1—4, М., 1962—66; Бернштейн С. Б., Очерк сравнительной грамматики славянских языков, [т. 1—2], М., 1961—74; Исследования по сравнительной грамматике тюркских языков, ч. 1—4, М., 1955, 1956, 1961, 1962; Сартбаев К. К., Түрк тилдеринин салыштырма грамматикасы, Фр., 1962.

САЛЫШТЫРМА КЫЙМЫЛ — кыймылдуу эсептөө системасы б-ча чекиттин (нерсенин) кыймылы; чекит (нерсе) шарттуу түрдө кыймылсыз деп алынган негизги эсептөө системасына салыштырмалуу кыймылдайт. С. к-да чекиттин ылдамдыгы — салыштырма ылдамдык, ылдамдануусу салыштырма ылдамдануу деп аталат. Чекиттин (же нерсенин) кыймылсыз эсептөө системасына салыштыр-

гандагы кыймылы — татаал же абс. кыймыл, ал эми ылдамдыгы ж-а ылдамдануусу абс. ылдамдык ж-а абс. ылдамдануу делинет.

САЛЫШТЫРМАЛУУЛУК ПРИНЦИБИ — физиканын негизги закондорунун бири. Бул закон б-ча тынч абалдагы же бир калыптуу түз сызыктуу кыймылдагы материалдык системада бардык процесстер бирдей өтөт. Мындай системанын кыймылы же тынч абалы болжол м-н алынган *эсептөөнүн инерциялуу системасына* карата аныкталат. С. п. *салыштырмалуулук теориясын* түзүүгө негиз болду.

САЛЫШТЫРМАЛУУЛУК ТЕОРИЯСЫ — мейкиндик м-н убакыттын физикалык теориясы. 1905-ж. А. *Эйнштейн* түзгөн бул теория эки постулатка таянат: а) ар кандай инерциялык эсептөө системаларда бардык физ. кубулуштар (мех., оптикалык, электр-магниттик ж. б.) бирдей шартта, бирдей өтөт; б) жарыктын ылдамдыгы (*c*) боштукта туруктуу чоңдук. С. т. физикада убакыт, мейкиндик координаталарындай эле салыштырмалуу ж-а ал ар кандай байкоочулар үчүн башка байкоочуларга дал келбегендей өзүнчө эсептелинет. Бул теория мейкиндик м-н убакытты бириктирет, бирок убакыт физ., ал эми мейкиндик геом. чоңдук экенин ажыратуу максатында төрт өлчөмдүү мейкиндик-убакыт деп аталат. Мейкиндик-убакыттын негизинде физика дүйнөсүн жаңыча түшүнүү ж-а үйрөнүү жолу ачылды. С. т-нан перспенин массасы, анын энергиясы, о. эле өлчөмү алардын салыштырма ылдамдыктарына көз каранды экендигин, масса м-н энергиянын байланышын билдирген $E=mc^2$ (1) атактуу формула келип чыккан. Мында

$$m=\frac{m_0}{\sqrt{1-v^2/c^2}} \quad (2)$$

персенин массасы ылдамдыктан (v) көз каранды, m_0 — персенин тынч абалдагы массасы. Физикадагы убакыт, мейкиндик ж-а зат деген эң негизги түшүнүктөрдү А. Эйнштейн 1915-ж. бириктирип, салыштырмалуулуктун экинчи принцибин түзгөн. Ал азыркы күндө салыштырмалуулуктун жалпы теориясы же азыркы күндүн тартылыш теориясы деп аталат. Бул теория — инерциялык эмес системалар үчүн түзүлгөн теория. С. т-нын ачылышы квант теориясы м-н кошо көп ил. тармактардын ж-а теорияларды ачылышына түртүк болду.

Ад.: Эйнштейн А., Сущность теории относительности, Л.—М., 1955; Ландау Л. Д., Лифшиц Е. М., Теория поля, 6 изд., М., 1973 (Теоретическая физика, т. 2); Угаров В. А., Специальная теория относительности, М., 1968; Фок В. А., Теория пространства, времени и тяготения, 2 изд., М., 1961.

САЛЫШТЫРМА-ТАРЫХЫЙ АДАБИЯТ ТААНУУ — ад-т тарыхынын өлкөлөрдүн ортосундагы көркөм адабий кубулуштардын карым-катнашын, окшоштугун ж-а айырмачылыгын изилдеген бир бөлүмү. Адабий фактылардын окшоштугу, биринчиден, элдердин коомдук, маданий өнүгүшүнүн бирдейлигинен, экинчиден, ошол элдердин ортосундагы маданий, адабий байланыштан негизделет. Ушуга ылайык өз ара карым-катнаштагы адабий процесстин типологиялык аналогиясы, «адабий байланыш жана таасир» деп бөлүнөт. Адамзаттын социалдык-тарыхый өнүгүшүнүн бирдейлиги — С.-т. а. т-нун өбөлгөсү. Окшош белгилер о. кылымдагы эпостордон, феодализм мезгилиндеги лирикалык ырлардан учурайт ж-а европа элдеринин ад-тында *Кайра жаралуу, барокко, классицизм, романтизм, сынчыл реализм, натурализм, символизм, модернизм* ж-а *реализмдин* жаңы формалары ырааттуу түрдө кайталанганын белгилөөго болот.

Эл ад-тынын өнүгүшүндөгү окшош жолдор ад-ттардын эл аралык байланышы м-н өз ара таасир этүүсүн жокко чыгарбайт. Сырттан келген таасирди кабыл алуу үчүн ошол коомдун, ад-ттын ички таламдары, өсүүнүн окшош тенденциялары зарыл. Эл аралык адабий байланыштардын таасири учурдун ад-ты м-н гана чектелбейт. Улуу художниктердин адабий мурастары ушул күнгө чейин ад-тка таасир берип келе жатат. Эл аралык адабий байланыш — тарыхый категория. Ошондуктан ал ар түрдүү тарыхый кырдаалда ар кандай формада, ар кандай интенсивдүүлүктө кабыл алынат. Бул 19-к-дан тартып кенен кулач жайган. Окт. рев-ясы соц. реализм методу м-н өнүкчү көп улуттуу сов. ад-ттын жаралышына шарт түздү. 19-к-дын 80-жылдарынан Россияда, биринчи дүйн. согуштан кийин Францияда, экинчи дүйн. согуштан кийин АКШ, ГФР, Канада ж. б. өлкөлөрдө С.-т. а. т-га болгон кызыгуу күчөдү.

Ад.: Жирмунский В., Народный героический эпос. Сравнительно-исторические очерки, М.—Л., 1962; Ломидзе Г., Методологические вопросы изучения взаимосвязей и взаимообогащения советской литературы, М., 1963; Садыков А., Национальное и интернациональное в киргизской советской литературе, Фр., 1970; Конрад Н. И., Запад и Восток, Статьи, 2 изд., М., 1972; Бапаев Х., Кыргыз-казак, кыргыз-өзбек адабий байланыштары, Фр., 1975; Взаимосвязи и взаимодействия литератур мира. Библиография (1961—65), ч. 1—2, М., 1968; то же (1966—70), ч. 1—2, М., 1973; Путилов Б. Н., Методология сравнительно-исторического изучения фольклора, Л., 1976.

САЛЫШТЫРМА-ТАРЫХЫЙ МЕТОД (тил илиминде) — тилдердин тектештигин аныктоо ж-а тектеш тилдердин диахрониялык өнүгүшүн изилдөө максатында колдонулчу ил. па. ыкмаларынын системасы, к. *Салыштырма-тарыхый тил илими.*


САЛЫШТЫРМА-ТАРЫХЫЙ ТИЛ ИЛИМИ — тил илиминин тилдерди тарыхый жактан салыштырып изилдөөчү тармагы. Ал изилдөөнүн төмөнкүдөй ыктарын өз ичине алган салыштырма-тарыхый методду колдонот: 1) тышкы реконструкция — тектеш тилдердеги теги бир сөздөрдү, морфемаларды таап, алардагы баба тилдин тыбыштык өзгөрүүлөрүн ачып көрсөтүү; 2) ички реконструкция — тилдин тарыхынын кыйла алгачкы этабына мүнөздүү айрым элементтерге далил болчу тил системасындагы кубулуштарды ж-а өз ара карым-катышты табуу; 3) кабыл алынган сөздөрдү анализдөө аркылуу маалымат алуу; 4) топонимдерден маалымат топтоо.

С.-т. т. и. 19-к-дын 10—30-жылдары пайда болгон (инди-европеист Ф. Бопп, Р. Раск ж-а германист Я. Гримм). Так методикасы 19-к-дын акыркы чейрегинде пштелип чыккан. 19-к-дын 2-жарымында инди-европа, герман тилдеринен сырткары славян, балтика, роман, иран, кельт, семит тилдеринде, 20-к-дын 1-жарымында урал тил илими, түркология, монголистика ж. б. тармактарда да С.-т. т. и. жакшы өнүгүп, салыштырма-тарыхый изилдөөгө алынган тилдердин чеги кеңий баштады.


Ад.: Мейе А., Введение в сравнительное изучение индоевропейских языков, 3 изд., пер. с франц., М.—Л., 1938; Томсен В., История языковедения до конца XIX в., пер. с дат., М., 1938; Общее и индоевропейское языкознание, М., 1956; Щербак А. М., Сравнительная фонетика тюркских языков, Л., 1970; Иллич-Свитыч В. М., Опыт сравнения ностратических языков, т. 1, М., 1971, с. 38—102 (обзор лит. по С.-и. я.); Основы финно-угорского языкознания, М., 1974; Этимологический словарь славянских языков. Праславянский лексический фонд, в. 1, М., 1974; о. эле к. *Инди-европа тилдери, Салыштырма грамматика* макалаларынын ад-тын.

САЛЫШТЫРУУ — стилистика м-н поэтиканын категориясы. С-да негизги белгисин айкын көрсөтүү максатында сүрөттөлүп жаткан персе кандайдыр бир жалпы белгиси, каспети окшош башка персеге салыштырылат. Мис., «Кыргыз комуз — тоонун тунук булактай...» (С. Эралиев). С. аркылуу салыштырылып жаткан персенин кошумча каспеттери да ачылат. Мунун көркөм андап билүүдөгү ролу чоң. Ошон үчүн ал оозеки ж-а жазма ад-тта арбын колдонулуп, чыгармага өзүнчө эмоция, көркөмдүк түс берет. Кыргыз тилинде С. сыңары, өндүү, сыяктуу дегендей сөздөр ж-а -дай мүчөсү аркылуу уюшулат.

САЛЬВАДОР, Эль-Сальвадор Республикасы — Борб. Америкадагы мамлекет. Түштүгүнөн Тынч океаны чулгайт, түндүгү ж-а чыгышынан Гондурас, батышынан Гватемала м-н чектешет. Аянты 21,4 миң км². Калкы 4,12 млн (1976). Борбору — Сан-Сальвадор (калкы 368 миң, 1976). Админ. жактан 14 департаментке бөлүнөт.



С.— респ-ка. Азыркы конституциясы 1962-жылдан күчүндө. Мамлекет



ж-а өкмөт башчысы — президент. Мамл. гербин ж-а мамл. желегин к. *Мамлекеттик герб, Мамлекеттик желек* макалаларынын таблицасынан.

Табияты. Өлкөнүн көп бөлүгү бөксө тоо (бийикт. 600—700 *м*). Өчкөн ж-а аракеттеги жанар тоолор бар. Күчтүү жер титирөө болуп турат. Климаты тропик-пассаттык. Айлык орт. темп-расы Сан-Сальвадордо 22—24°С. Жылдык жаан-чачыны 600—1800 *мм* (түндүгүндө 2500 *мм*). Дарыялары кыска, жанар тоо көлдөрү бар. Күрөң-кызыл тоо топурак басымдуу. Токою кыркылып жок болгон. Бийик тоолорунда бир аз эмен, мырза карагай сакталган. Жаныбарлары: тапир, кең тумшук маймыл, тыйын чычкан ж. б.

Калкы. Негизги эли — сальвадорлуктар: 89% метис, 10% индеецтер. Мамл. тили — испан тили. Дини — католицизм. Орт. жышт. 1 км²ге 187 киши (1976). Шаар калкы 40% (1971). Ири шаарлары: Сан-Сальвадор, Санта-Ана, Сан-Мигель ж. б.

Тарыхы. 7—16-к-да С. аймагын индеец уруулары мекендеген. С. жери ж-а башкы шаары Кускатлан болгон. 16-к-дын 20-жылдары Кускатлан жерин испандар каратып, өлкөгө Сальвадор деген наам берген. 1560—1821-ж. Гватемала генерал-капитандыгына кирген. 1821-ж. Америкадагы испан колонияларынын көз карандысыздык үчүн согушунун (1810—26) натыйжасында азаттык алган. Бирок аны мексика аскери каратып, Итурбиде империясына, ал кыйраган соң Борб. Американын бириккен провинциясына бай ийдирген. С. 1841-ж. коз карандысыз респ-ка деп жарыяланган. 19-к-дан С-до либералдар м-н консерваторлор ортосунда бийлик үчүн күрөш ж-а С. м-н Борб. Америкадагы башка мамлекеттер ортосунда согуштар болгон. 1930-ж. С. компартиясы түзүлгөн. 1932-ж. М. Эрнандес Мартинестин диктатурасына (1931—44) каршы элдик көтөрүлүш импер. мамлекеттердин жардамы м-н басылган. Аның диктатурасы 1944-ж. кулатылган. Экинчи дүйн. согушта С. фаш. мамлекеттер м-н байланышта болгон. АКШнын колдоосу м-н 1948-ж. С-до бийликке О. Осорио келип, компартияга ж-а прогрессчил башка уюмдарга тыюу салынган. Андан кийин бийликке келген реакциячыл аскер башчылары да өмгөкчилердин мүдөөсүн канааттандырган эмес. 1970-ж. С-до элдик кыр көрсөтүүлөр күчөгөн. 1972-ж. А. Армандо Молинанын өкмөтү (1972-жылдан) күралган. 1974-ж. СССР м-н С. ортосунда соода келишими түзүлгөн.


Саясий партиялары жана профсоюздары. Улуттук элдешүү партиясы (УЭП), 1961-ж. негизделген, башкаруучу партия. Христиан-демокр. партия (ХДП), 1960-ж. түзүлгөн. С. коммунисттик партиясы (СКП), 1930-ж. негизделген. С-дун бирдиктүү профсоюздук федерациясы, 1965-ж. түзүлгөн. Университет студенттеринин жалпы ассоциациясы. С. профсоюздарынын жалпы конфедерациясы, 1957-ж. уюшулган.

Экономикасы. С.— экономикасы начар өнүккөн агрардык өлкө. Экономикасы чет эл капиталына күкөр. Жеринин ⅔ бөлүгү дыйканчылыкта пайдаланылат, аның 49% айдоо, 51% шалбаа ж-а жайыт. Негизги а. ч. өсүмдүктөрү: кофе (экспорттоо б-ча Латын Америкасында 3-орунда), пахта, жүгөрү, буурчак, шалы, бал камыш, жашылча-жемиш ж. б. 1975-ж. 1060 миң уй, 420 миң чочко болгон. 1975-ж. 1063 млн *квт·с* электр энергиясы алынган. Тамак-аш (кант, ун тартуу, тамеки, кофе), текстиль (кебезден кездеме токуу) ө. ж. өнүккөн. Бут кийим, тигүү ф-калары, жеңил ө. ж-ның з-ддору, кол өнөрчүлүк ишканалары иштейт. Акахутла ш-нда нефть ажыратуу ж-а цемент з-ддору бар. Автомобиль жолунун уз. 10,7 миң *км*, т. ж. 738 *км* (1975). Сыртка кофе, кант, хим. продукту, креветка чыгарып, четтен ө. ж. товарларын, машина, жабдуулар, транспорт каражаттарын, азык-түлүк ж. б. сатып алат. Негизги соода шериктери: Борб. Америка өлкөлөрү, АКШ, ГФР, Япония. Акча бирдиги — колон. 2,5 колон = АКШнын 1 долларына (1975).



Кофе плантациясы.

Эл агартуусу. Алгачкы мектептер (миссионердик) 16-к-да пайда болгон. 19-к-да жалпы билим берүүчү ак сөөктөрдүн мектептери ачылган. Азыр 4—6 жаштагы балдар мамл., муниципалдык ж-а жеке менчик балдар бакчасында тарбияланат. 6 жылдык бошталгыч билим берүү милдеттүү. Шаардык башталгыч мектеп 6, айылдык 2—4 жылдык. 6 жылдык башталгыч мектептин базасында 2 диклеп (3 ж-а 2 жыл) турган 5 жылдык орто мектептер бар. 4—5 жылдык кесиптик мектептер 6 жылдык башталгыч мектептин базасында иштейт. Жог. окуу жайлары: С. ун-ти (1841-ж. негизделген), Сан-Сальвадордогу жеке менчик Борб. Америка ун-ти (1965), Нувва-Сальвадордогу Борб. Америка тех. ин-ту, Ла-Либертаддагы Улуттук а. ч. мектеби ж. б. Сан-Сальвадордо Улуттук китепкана (1870), Улуттук музей (1883), воол. парк ж-а ботан. бак бар.



Сан-Сальвадор. Боливар аянты.

Сан-Сальвадордо 1975-ж. чыккан 48 мезгилдүү басылманын 12си — күндө чыгуучу газета. Радиосу ж-а телекөрсөтүүсү иштейт.

Ад.: Нитобург Э. Л., Сальвадор, М., 1953; Нитобург Э. Л., Сальвадор. Становление наций, в кн.: Национальные процессы в Центральной Америке и Мексике, М., 1974.

САЛЬВАДОРЛУК КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫ (СКП) 1930-ж. мартта 1-съезддө негизделген. Өлкөдө Мартинестин аскердик диктатурасы орногон соң (1931, дек.) куугунтукка алынган. 1932-жылдагы элдик көтөрүлүшкө активдүү катышкан. СКП баштаган эмгекчилердин жалпы иш ташташуусунун натыйжасында диктатура кулатылган (1944, май). СКПнин 2-съезди (1946) партиянын уставын, 3-съезди (1948) улуттук биримдик программасын (демокр. бардык күчтөрдүн биримдик фронтун түзүүнү көздөгөн) кабыл алган. 5-съезди (1964) жалпы ж-а агрардык программалар долбоорун талкуулап, партиянын жаңы уставын кабыл алган. 6-съезди (1970) парт. курулуш маселелерин талкуулаган.

СКПнин делегациясы Коммунисттик ж-а жумушчу партияларын эл аралык кеңешмелеринде (1957, 1960, 1969, Москва) катышып, алардын документтерин жактыргган. СКП демокр. централизм принцибинде курулат. Партиянын жог. органы — съезд. Аның аралыгында — БК. Борб. органы — «Вердад» газетасы.

САЛЬВАДОРЛУКТАР — Сальвадордун негизги калкы. Жалпы саны 3,98 млн (1975) адам. *Испан тилинде* сүйлөшөт. Динге ишенгендери — католик. С-дын көбү испандар м-н жерг. индеецтердин, анча-мынчасы негрлер-

дин аралашуусунан чыккан. Этностук өзгөчөлүгү м-н эне тилин сактап калган бир аз индеец калкы өлкөнүн батыш, борб. ж-а түн.-чыгыш райондорунда жашайт. С-дын көпчүлүгү а. ч-да иштейт. С-дын тарыхы, чарбасы ж-а мад-ты ж-дө к. *Сальвадор*.

САЛЬВИЯ — шалфей уруусуна кирүүчү өсүмдүк түрү, гүл өстүрүүдө С. деп аталат, к. *Шалфей*.

САЛЬДО (итал. saldo — эсептешүү, калдык) — 1) бухг. эсепте счёттун дебет ж-а кредит суммаларынын айырмасы; 2) тышкы соодада *экспорт* м-н *импорттун* айырмасы.

САЛЬМОНЕЛЛЁЗДОР — адамдын ж-а жаныбарлардын жугуштуу ичеги оорулары. Аларды сальмонеллдер (бактериялардын түрү) козгойт.

Адамдагы С. негизинен ылаңдуу малдан (уй, кой, жылкы, чочко) ж-а үй куштарынан (тоок, өрдөк, күрп, каз) таралат. Кишиге чала бышкан эт, жумуртка, чийки сүт, булганч суу ж-а дарттуу балык аркылуу жугат. Инкубация мезгили 2—6 саатган 2—3 күнгө чейин созулат. С-дун бир нече түрү бар. Ичеги-карындан кармаган түрүндө оору капысынан башталат да, оорулуу бир нече жолу кусуп, ичи өтөт, эти ысыйт, шайы кетет, булчуң эти ооруп тырышат. Оору 3—7 күнгө созулат. Келте сымал түрүндө алгачкы кыска мөөнөттө сепсистин белгилери пайда болот. С-дон айыгып келе жаткан оорулуулардын 15—17% бактерияларды алып жүрөт. Дарылоодо ичеги-карынды тазалоо, *антибиотиктер*, диета ж. б. колдонулат.

Малдагы С. ичеги-карын, дем алуу органдардын ж. б. иштешин бузат, калтыратып этин ысытат. Буга жемдин жетишсиздиги, суук, ным ж. б. түрткү болот. Дарылоодо антибиотиктер м-н бирге иммун сыворотка, нитрофуран препараттары ж. б. колдонулат. С-дун алдын алуу, күрөшүү жолдорунун негизги санитариялык-гигиеналык (тамак-ашты таза кармоо, туура сактоо, жакшы бышыруу ж. б.) ж-а вет.-санитариялык (эт, сүт даярдоо өндүрүшүндө, фермаларда, кушканаларда ж. б. тазалык эрежелерин сактоо) чаралар түзөт.

Лит.: Эпизоотология, под ред. Р. Ф. Сосова, М., 1969; Шур И. В., Заболевания сальмонеллёзной этиологии, 2 изд., М., 1970.


САЛЬПИНГООФОРИТ (гр. sálpingos — түтүкчө ж-а лат. oophoron — эненин уругу без) — кыпын ж-а айбанаттардын жатын кошумчаларынын сезгенүүсү. Кишиде С. жатын түтүгүнө, эненин уругу безине патогендүү микроорганизмдердин киришинен болот. С-те жатын түтүкчөлөрүнүн капталында инфильтрат пайда болот. С-тин катуу кармаган ж-а өнөкөт түрү бар. Биринчисинде адам алсыз болуп, ичи ооруйт, эти ысыйт. Өнөкөт түрүндө бел, ичтинылдый жагы мезгили-мезгили менен дайыма ооруп, этек кир цикли бузулат, тукумсуздук пайда болот. Дарылоо катуу кармаган түрүндө антибиотиктер, сульфаниламид дарылары, өнөкөт түрүндө баткак, *диатермия* ж. б. колдонулат.

САЛЮТ (лат. salus — куттуктоо) — замбирек, мылтык сыяктуу куралдан м-н атайын жоболордо, уставдарда ж-а инструкцияларда көрсөтүлгөндөй тартип м-н залп берип, салтанаттуу куттуктоо же урмат көрсөтүү формасы. Эл аралык келишимдер б-ча согуш ж-а соода кемелериндеги ар кандай окуяларга карата да С. берүү белгиленген.

«САЛЮТ» — ичинде космонавттары бар ж-а автоматтык режимде Жердин айланасындагы космос мейкиндигинде учуучу сов. орбиталык станция. Биринчи «С.» 1971-ж. 19-апрелде орбитага чыгарылып, 1971-ж. 11-октябрга чейин учкан. «С.» станциясынын транспорттук кеме м-н ашташкандан кийинки жалпы массасы 25,6 *т*, уз. 23 *м*, корпусунун эң чоң диаметри 4,15 *м*. Станциянын орбиталык блогунун жылчыксыз эки бөлмөсү (өтме ж-а жумушчу) ж-а жылчыктуу агрегаттык бөлмөсү болот да, анда отун иштии ж-а кыймылдаткыч жайгаштырылат. Аппаратураны энергия м-н күн ж-а аккумулятор батареялары камсыз кылат. Радио каражаттарынын комплекси траекторияны өлчөөнү, Жер м-н телефон ж-а телеграф байланышты, Жерге көптөгөн маалымат ж-а телесүрөттөрдү берүүнү, Жерден буйрукту кабыл алууну камсыз кылат. Борттогу комплекстн башкаруу системаларына логикалык автоматтар, эсептегич машиналар ж-а бир катар пульт кирет. Жылуулукту жөнгө салуу системасында 2 жылуулук алмаштыргыч суюктук контуру ж-а 6 муздаткыч-кургаткыч агрегат болот. «С.» станциясында ил. пайдөөлөрдүн ж-а тех. эксперименттердин көңири программасы жүргүзүлдү. Станция орбитага чыгарылып, анын системасынын ишке жарактуулугу текшерилгенден кийин 1971-ж. 2-апрелде экипажы бар «Союз-10» космос кемеси учурулуп, «С.» станциясы м-н ашташып бириктирилип, кайра 25-апрелде ажыратылып, экипажы Жерге түшүрүлгөн. 1971-ж. 6-июнда «Союз-11» кемеси учурулуп, 7-июнда «С.» станциясы м-н бириктирилген. «С.» станциясы 3,5 ай бою учушун автоматтык режимде уланта берген. Жер айланасындагы орбитага 1973-ж. 3-апрелде «С.-2», 1974-ж. 25-июнда «С.-3», 1974-ж. 26-декабрда «С.-4», 1976-ж. 22-июнда «С.-5», 1977-ж. 29-сентябрда «С.-6» ил. станциялары учурулган.

Лит.: «Салют» на орбите. Сб., М., 1973.

САМАН, бакал — дан эгиндин, чанактуу өсүмдүктүн, зыгырдын, кара куурайдын дансыз кургак сабагы. Ал күздүк, жаздык, аштык, буурчак С-ы болуп бөлүнөт да, өсүмдүктүн түрүнө карата аталат. Дан эгин С-ы негизинен уйга берилет. Аш болумдуулугу ж-а хим. составы өсүмдүктүн түрүнө, климатка, жыйналышына, сакталышына жараша ар кыл болот. С-да 35—45% клетчатка ж. б. начар сиңүүчү углевод, 2—6% протеин, 4—7% күл, 1,2—2% май бар. 100 *кг* таруу С-да 40 тоют бирдиги, 2,3 *кг* жагымдуу протеин, арпа С-да 33 тоют бирдиги, 1,3 *кг* жагымдуу протеин болот. Жаздык С-да протеин көп, клетчатка аз болгондуктан күздүк С-га караганда жегиликтүү С. көбүнчө чыктуу тоюту арбын рационго же анын көлөмүн көбөйтүү үчүн кошулат. С. майдалоо, дымыктыруу, хим. зат кошуу жолу м-н малга берүүгө даярдалат. Кара күрүч С-ын малга берүүгө болбойт, андан малдын денесине жыш ысык чыгып, мууну шишийт. С. малдын астына төшөлөт, бойро токулуп, такта жасалат. Зыгыр, кара куурай С-ынан була алынат.



Адам жашоого ыңгайлуу биринчи ил. орбиталык станция «Салют» (конструкциялык схемасы): *1* — жакындашуу радиотех. системанын антеннасы; *2* — күн батареялар панели; *3* — радиотелеметриялык системанын антеннасы; *4* — иллюминаторлор; *5* — «Орион» жылдыз телескобу; *6* — абаны кайра иштетүүчү установка; *7* — кинокамера; *8* — фотоаппарат; *9* — биол. изилдөө аппараты; *10* — азык муздаткыч; *11* — уктоочу орун; *12* — суу м-н жабдуу системасынын багы; *13* — таштанды жыйнагыч; *14* — багыттоо системасындагы кыймылдаткыч; *15* — отун багы; *16* — санитария-гигиеналык түйүн; *17* — микрометеориттерди каттоочу билдиргич; *18* — чуркоочу орун; *19* — жумуш столу; *20* — борб. башкаруу столу; *21* — үйлөө системасындагы баллондор; *22* — космонавттын визири; *23* — «Союз» кораблинин кыймылдатуу установкасы.

САМАНЧЫ-СИЛОС ТУУРАГЫЧ — тоют даярдоодо саманды ж-а силостолуучу өсүмдүктү майда тууроочу машина. Ал мотор, ат ж-а кол күчү м-н кыймылга келтирилет. СССРде моторлуу туурагыч колдонулуп, ал электр кыймылдаткычы же трактордун валы аркылуу иштетилет. С.-с. т. кесүүчү аппараттан, чөп салынуучу транспортёрдон ж-а кыймылга келтирүүчү механизмден турат. Кесүүчү аппараттын түзүлүшүнө карата дискалуу ж-а барабан сымал болот. Экөө тең кайчыга окшош иштеп, бир бычагы кыймылдуу, экинчиси кыймылсыз болот. С.-с. т. 1947-жылдан колдонула баштаган. Азыр КГК-30, 30Б, КДУ-2, фуражир ФН-1,8 ж. б. маркалары колдонулуп, силостолуучу өсүмдүктү СК-2,6, КС-2,5 комбайндары майдалайт.

САМАНИЛЕР — 819—999-ж. О. Азияда өкүм сүргөн феод. династия. Балх ш-на (Түн. Афг-н) жакын Саман айылынан чыккан Саман-худаттын атынан аталган. Рафи ибн Лейстин арабдарга каршы көтөрүлүшүн (806—810) басышканы үчүн Самандын ууладарына ж-а небереелерине Мавераннахрдын өтө маанилүү аймактарын башкаруу укугу 819-ж. берилген. С. бийлиги Мансур Нинн тушунда (997—999) Бухараны түрк-караханилер басып алган соң жоюлган.

САМАНИЛЕР МАМЛЕКЕТИ (875—999) — негизинен О. Азия аймагында жайгашкан феод. мамлекет. Борбору — Бухара ш. *Саманилер* династиясы тарабынан түзүлгөн. Түлдөн турган кезинде (10-к-дын 1-жарымы) Мавераннахр, Хорасан, Түн. ж-а Чыгыш Иран, Хорезм, Систан, Горган (Журжан), Рештт, Газни, Табарстан (Мазендеран) ж. б. жерлерде бийлик кылган. С. м-нде вазир, казыначы, гвардия (аскер) начальниги, почта (бекет) ж. б. дубандарынын системасы түзүлгөн. Анын Бухара, Самаркан, Нишапур, Мерв, Герат, Балх сыяктуу кыйла маанилүү шаарлары болуп, аларда соода, кол өнөрчүлүк өнүгө баштаган. Феод. эзүүдөн улам С. м-нде элдик кыр көрсөтүүлөр [Табарстандагы дыйкандар көтөрүлүшү (913), Хорезмдеги көтөрүлүштөр (944) ж. б.] болуп турган. С. м. Хазария, Иран (Буйлер мамлекети), Булгар, Кытай ж-а Русь м-н соода кылган. Бардык чоң шаарларында медиреселер ачылып, Бухара өзүнүн китепканасы м-н даңктанган. С. м-нин түшунда *Рудаки*, аль-Фараби сыяктуу о. азиялык мад-т ишмерлери чыккан. Өлкөдө арх-ра ж-а курулуш өөрчүгөн. «Дари» тили иштелип чыгып, ал С. м-нин мамл. тилине айланган. Бирок бара-бара саманилердин борбордоштуруу саясатынын кедери кеткен. 999-ж. көчмөн түрк-карахани уруулары С. м-н кулаткан. Андан кийин О. Азияда *Караханилер мамлекети* түзүлүп, Жейхундун (Аму-Дарыя) түш. тарабындагы жерлерин *Газневилер* басып алган.

Лит.: История Таджикского народа, т. 2, кн. 1, М., 1964; Гафуров Б. Г., Таджики. Древнейшая, древняя и средневековая история, М., 1972.

САМАНСУР — Кемин р-нундагы Чым-Коргон айыл советине карштуу кыштак. Карл Маркс атн. к-здун аймагында. Райондун борбору ж-а т. ж. станциясы Быстровкадан 20 *км* түш.-батыш тарапта. Калкы 730 (1976). Сегиз жылдык мектеп, клуб, медпункт бар.

САМАН-ТОПОН — эгин калдыгы: саман, топон, бакал ж. б. Башка кесек тоютка караганда клетчаткалуу. Чанактуу өсүмдүктөргө салыштырганда башка С.-т-до протеин аз (2—5%). Саманда 4% ж-а топондо 12%ке чейин минерал заттар болот, каротин жокко эсе. Күлүндө кремний к-талары көп, бирок кальций, фосфор ж-а натрий эң аз, к. *Саман*.

САМАНЧЫ ЖОЛУ — жылдыздуу асманды чоң тегерек б-ча кесип өтүп, түндүк учу Вероника Чачы топ жылдызында жайгашкан агыш күүгүрт тилке. Ал куралсыз көзгө даана көрүнбөгөн бүлбүл жылдыздардан турат. С. ж-нун жаркырактыгы ар кандай. Тилкесинин жазылыгы 5—30°. Мында, биринчиден, Галактикада жылдыз тумандуулугу м-н чогулмаларынын болушу, экинчиден, жарыкты жутуудан ж-а чаңдуу күүгүрт тумандуулуктардын бирдей эмес таралышынан С. ж-нун структурасы булут сымал көрүнөт. С. ж. Чаян, Мергенчи, Бүркүт, Лира, Ак Куу, Цефей, Көөкөр, Персей, Торпок, Чоң Арстан топ жылдыздары аркылуу өтөт.

«САМАНЧЫ ЖОЛУ» — кыргыздын туңгуч балет-ораториясы. Ч. Айтматовдун «Саманчы жолу» повестинин сюжети б-ча жазылган. Либреттосу М. Ахунбаев м-н М. Баялиновдуку, музыкасы К. Молдобасановдуку. «С. ж.» алгач (1975) Кыргыз опера ж-а балет театрында коюлган. Башкы ролдордо А. Токомбаева (Толгонай), Г. Сатаева (сүйлөөчү Толгонай), А. Баетова (Алиман), Б. Салимбаев (Субанкул), Б. Алимбаев (Касым), М. Асылбашев (Жайнак), А. Ирсалиев (Майсалбек), Б. Арунов (Койчу), Ч. Базарбаев (Жоокер) ойногон. Режиссёру — М. Ахунбаев, хормейстерлери — С. Юсупов, К. Алиев ж-а Т. Сатиев, балетмейстер-коюучу — У. Сарбагышев, сүрөтчүсү — Н. Золотарёв, дирижёру — К. Молдобасанов. «С. ж.» балет-ораториясында каардуу согуш, айбаттуу эпикалык Жер-Эненин элдик кайгыны баяндаган лирикалуу ж-а драмалуу тематикалары өкүм сүрөт. Чыгарманын элдик күүобондорго ширелген музыкасынын негизинде филос. мазмундагы, терең психол. мүнөздөгү жаркын муз. партитура жаралган. Динамикалык конкреттүүлүгү, оркестрлик көп түстүүлүгү ж-а терең мазмундуулугу аны чоң симф. полотнонун деңгээлине да көтөрөт. Балет-ораторияларды Толгонай, Субанкул, Касым, Майсалбек, Жайнак, Жер-Эне, Алимандын образдары бири бирине окшобогон, бирок бирдиктүү ойду түзгөн муз. мүнөздөмөлөр м-н устаттыкта берилген. Балетмейстер классикалык бийлердин кооз үлгүсүнө таяна ар бир каармандын кулк-мүнөзүнө жараша дуэттерди, адажиолорду, вариацияларды, бийлерди, ансамблдерди жаратқан. Чыгарманын маңызduулугун ар тарантан арттырып, көркөмдүүлүгүн, көп жактуулугун көтөрүп турган хорлор да нагыз профессионалдуулукта жазылган. Балет-оратория Сов. Союзунун көп чоң шаарларында ж-а чет өлкөлөрдүн театрларында коюлду. 1976-ж. «С. ж.» балет-ораториянын автору ж-а дирижёру К. Молдобасанов, балетмейстери У. Сарбагышев, башкы ролдорду аткарган респ-кабыздын эл артисттери Р. Чокоева м-н А. Токомбаева СССР мамл. сыйлыгына татыктуу болушкан.

Лит.: Алагушов Б., «Саманчының жолу» балет-ораториясы, «Кыргызстан маданияты», 1976, 19-авг.; Саква К., Яркое свидетельство расцвета, «Советская музыка», 1975, № 12; Крылова Л., Герои Айтматова на балетной сцене, «Сов. культура», 1968, 25 апр.

САМАР — Филиппин архипелагынын борб. бөлүгүндөгү арал. Аянты 13,4 миң *км*². Калкы 1 млн (1970), негизинен висайлар. Тоолору (бийикт. 896 *м*ге чейин) негизинен кристаллдык тектерден, сланец ж-а аки ташдан турат. Климаты тропиктик, муссондук, жылдык жаан-чачыны 2500—3500 *мм*, окт.-дек. айларында тайфун болуп турат. Темир ж-а жез рудалары бар. Тоо капталдарын нымдуу дайыма жашыл токой ээлейт. Кокос пальмасы, абака, ананас, шалы ж-а жүгөрү өстүрүлөт. С. аркылуу Трансфилиппин автомобиль магистрали өтөт (Лусон а. м-н паром, Лейте а. м-н көпүрө аркылуу байланышат). Негизги шаарлары: Кальбайог, Катбалоган, Катарман.

САМАРА — *Куйбышев* ш-нын 1935-жылга чейинки аты.

САМАРИЙ (лат. Samarium), Sm — *лантаноиддерге* кирген хим. элемент, ат. н. 62, ат. м. 150,4.

САМАРКАН — Өзбек ССРиндеги Самаркан обл-нын борбору, шаар. Заравшан д-нын өрөөнүндө, Чоң Өзбек

автомобиль жолунун (Ташкен-Термез) боюнда. Т. ж. станциясы. Калкы 476 миң (1979). Б. з. ч. 4-к-дан б. з. 6-к-на чейин С. аймагында Согд мамлекетинин борбору Мараканда ш. (кийин Түрк кагандыгынын карамагына кирген) орун алган. 8-к-дын башында С-ды арабдар басып алып, 9—10-к-да Саманиддердин бийлигинде болгон. 11-к-да Караханилерге, кийин түрк-селжуктарга, 12-к-дын ортосунда кидандарга карайт. 13-к-дын башында Хорезм шахынын бийлигине өтөт. 1220-ж. монгол-татарлар талкалаган. 14-к-дын аягы — 15-к-дын башында Тимурилер мамлекетинин ж-а О. Азиянын өнүк экон. ж-а маданий борбору. 1500-ж. Шейбани мамлекетинин, 1868-ж. Россиянын карамагына кирген. С-да Совет бийлиги 1917-ж. 28-ноябрда (11-дек.) орнот, Түркстан АССРине кирген. 1924—30-ж. Өзбек ССРинин борбору, 1938-жылдан обл. борбор. 1970-ж. октябрда 2500 жылдыгы белгиленип, 1971-ж. 5-февралда Ленин ордени м-н сыйланган. С. Өзб-нда калкынын саны ж-а ө. ж-нын (68 ири ө. ж. ишкана) өнүгүшү б-ча 2-орунда (Ташкенден кийин). Негизги ө. ж. тармактары — машина куруу (трактор ж-а автомобилдин запас бөлүктөрү, киноаппарат ж. б.), үй куруу комбинаты, жеңил ө. ж. (жибек, булгаары, пахта тазалоочу, кийим тигүү, трикотаж, бут кийим ж. б.), тамак-аш ө. ж. (консерва, шарап, тамеки, чай) ж. б. Бухара — Ташкен газ жүргүзүнөн газ алат.

С-дын чыгыш бөлүгүндө Афрасиаб ш-нын калдыгы, Шахи-Зинда күмбөздөрүнүн ансамбли, Бүбү-каным комплекси жайгашкан. Шаардын эски бөлүгүндө Регстан аянтынын ансамбли, түштүгүндө Гур-Эмир, Ак-Сарай (1470-жылдар), Рухабад (1380-жылдар) ж. б. тарыхый арх-ралык эстеликтер бар. Азыркы мезгилде С. кайра пландаштырылып, арх-ра эстеликтери сакталуу м-н жашылдандырылган проспекттер ж-а аянттар курулган. 1969-ж. С-дын ген. планынын долбоору (жетекчиси Т. Н. Калиновская, башкы инженер К. П. Орчаковский) бекитилген. 11 кабат «Самаркан» мейманканасы (1971, арх. О. Айдинова, А. Балаев) салынган. С-да союздук каракөл, мед. паразитология ил. из. ин-ттары, Өзбек ССР ИАнын Арх-я ин-ту, С. ун-ти, 5 ин-т, 14 атайын орто окуу жайы, 6 музей, 3 театр, учукка каршы балдар санаторийи бар.

Лит.: Самарканд, Таш., 1969; Самарканд. Путеводитель, Таш., 1970; Пугаченкова Г. А., Самарканд. Бухара, [2 изд., М., 1968].

«САМАРКАН» — чие сорту. Тез өсүп, дарагы ийилчээк. Коюу шактуу. 3 жылдыгында мөмөлөйт. Мөмөсү кочкул, жалтырак, тоголок, салм. 2,5—3 *г*. Даамы кычкыл таттуу. Негизинен О. Азияда, анын ичинен Кыргыздын түштүгүндө, Пржевальскиде, Чүй ж-а Талас өрөөнүндө өстүрүлөт. Андан кыям, компот жасалат. Жаңы кезинде желет.

Лит.: Основы плодоводства Киргизстана, под ред. Гареева З. З., Фр., 1971.

САМАРКАНДЕК — Ош обл-нын Баткен р-ндагы Самаркандек айыл советине карактуу кыштак. В. И. Лениндин 100 жылдыгы атн. с-здун аймагында. Ош — Исфана автомобиль жолунун боюнда. Райондун борбору Баткенден 45 *км* батыш тарапта. Шураб т. ж. станциясынан (Тажик ССРи) 6 *км*. Калкы 3686 (1978). Орто, башталгыч мектеп, 2 клуб, китепкана, участкалык оорукана, үй тиричилик комбинатынын бөлүмү, кесипчилик окуу жайы бар.

САМАРКАН ОБЛАСТЫ Өзбек ССРинде. 1938-ж. 15-январда түзүлгөн. Респкаными борб. бөлүгүндө. Аянты 24,5 миң *км*². Калкы 1784 миң (1979). 13 район, 6 шаар, 10 ш. т. посёлка бар. Борбору — Самаркан ш. Область Ленин ордени м-н сыйланган (1959).

С. о. Зарабшан д-нын өрөөнүн эөлейт. Түн.-чыгышынан Түркстан, түштүгүнөн Карнабчөл талаасы, түндүгүнөн Кызыл-Кум чөлү м-н чектешет. Климаты континенттик, кургак. Январдын орт. темп-расы —2...—4,8°С, июлдуку 24—32°С. Жылдык жаан-чачыны 100—800 *мм*. Дарыясы — Зарабшан. Боз топурак басымдуу. Жарым чөл ж-а чөл өсүмдүктөрү, Зарабшан д-нын боюнда тал, терек, жийде, бадалдар өсөт. Жаныбарлары: аркар, доңуз, сары тыйын чычкан, суур, кашкулак ж. б.

Калкы негизинен өзбек (76,6%); орус, татар, тажик, еврей, армян ж. б. улуттар да жашайт. Орт. жышт. 1 *км*²ге 10,2 киши (1979). Шаар калкы 41%. Шаарлары: Самаркан, Каттакурган ж. б.

Областта машина куруу ж-а металл иштетүү (а. ч. машиналарынын ж-а трактордун запас бөлүктөрүн, пахта тазалоочу ө. ж. үчүн жабдуулар, муздаткыч, лифт, кондиционер, киноаппарат ж. б.), химия (минерал жер семиртkичтер, күкүрт к-тасы, аммофос ж. б.), тамак-аш (консерва, шарап, эт, май, тамеки), жеңил (пахта тазалоочу, жибек, булгаары) ө. ж. өнүккөн. Курулуш материалдарын, фарфор-фаянс идиштерин чыгарат. Областтын 544,9 миң *га* айдоо аянтынын 185,9 миңи тех. өсүмдүктөр. С. о. реси-када жыйналган пахтанын 10% (177 миң *га*), тамекинин 97% (9 миң *га*), дан эгиндин (күрүч, буудай, жүгөрү) 12%, картошканын 18%, жашылчанын 15%, мөмө-жемиштин 12%, жүзүмдүн 37%, кишмиштин 100%ин берет (1976).

1975-ж. 490 миң үй, 879 миң каракөл кой болгон. Жибекчилик Зарабшан өрөөнүндө өнүккөн. Автомобиль жолунун уз. 4464 *км*, т. ж. 251 *км* (1974). 1974—75-окуу жылында 1272 жалпы билим берүүчү мектеп, 21 кесипчилик, 17 атайын орто, 6 жог. окуу жайы болгон. Ил. из. ин-ттары, 738 китепкана, 6 музей, 4 театр ж. б. иштеген (1975). Обл. «Ленин жолу» (1917-жылдан), «Ленинский путь» (1917) газеталары чыгат. 1975-ж. 14,6 миң орундуу 122 ооруканада 3,5 миң врач иштеген.

Лит.: Узбекистан, М., 1967 (серия «Советский Союз»); Акрамов З. М., География сельского хозяйства Самаркандской и Бухарской областей, ч. 1, Таш., 1961.

САМАРКАН УНИВЕРСИТЕТИ Алишер Навои атн. — Өзбек ССРинин эң ири жог. окуу жайларынын бири. 1927-ж. негизделип, 1930-жылдан Өзбек пед. академиясы, 1933-жылдан Өзбек ун-ти аталып, 1941-ж. ун-тке Алишер Навоинин ысмы берилген. 1960-жылдан С. у. деп аталган. С. у-нин составында (1975) мех.-матем., колдонмо матем., физ., химия, биол., геогр., тарых, орус, өзбек ж-а тажик филологиясы, чет тилдер ф-теттери, адистердин квалификациясын жогорулатуу, даярдоо бөлүмдөрү; аспирантура, 63 кафедра, 3 проблемалык лабор-я, эсептөө борбору, ботан. бак, 2 музей, ил. китепкана бар. 1977—78-окуу жылында 10 209 студент окуп, 650 окутуучу ж-а ил. кызматкер (аның 23ү проф., илимдин доктору, 300ү доцент, илимдин кандидаты) иштеген. Ун-т негизделгенден бери 30 миңдей адис даярдалган (1978). Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган (1977).

САМАТ — Ош обл-нын Лейлек р-ндагы Исфана айыл советине карактуу кыштак. Самат атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Исфанадан 8 *км* түн. тарапта. Пролетарск т. ж. станциясынан 36 *км*. Калкы 619 (1976). Орто мектеп, медпункт бар. Сов. Союз. Баатыры *Садыков* Саматтын ысмынан аталган.

САМБУ Жамсарангийн (27. 6. 1895, Борб. аймактын Төмөнкү Буреп сомону — 21. 5. 1972, Улан-Батор) — Монголиянын саясий ж-а мамл. ишмери. 1922-жылдан Монгол элдик-ревлячыл партиясынын (МЭРП) мүчөсү. Арат үй-бүлөсүнөн. 1922—30-ж. МЭРдин финансы мин-восунда иштеп, 1930-жылдан аймактык аткаруу башкармасынын пред-ли, 1936-жылдан МЭРдин мал чарба ж-а дыйканчылык мин-восунда бөлүм башчы. 1937—46-ж. МЭРдин СССРдеги, 1950—52-ж. МЭРдин КЭДРдеги элчиси, 1952—53-ж. МЭРдин тышкы иштер министрине орун басар. 1953—54-ж. Монголсовет достук коомунун пред-лине орун басар. 1954-жылдан МЭРдин Улуу элдик хуралынын Президиумунун пред-ли, МЭРП БКга ж-а аның Саясий бюросуна мүчө. МЭРдин Эмгек Баатыры (1965). «Элдер ортосунда тынчтыкты чыңдаганы үчүн» эл аралык Лениндик сыйл. лауреаты (1966). Ленин ордени, 4 Сухэ-Батор, башка ордендер м-н сыйланган.

САМНИТ СОГУШТАРЫ — самниттердин (к. *Самниттер)* башчылыгы м-н көз карандысыздык үчүн күрөшкөн италик урууларынын биримесине каршы римдиктердин жүргүзгөн үч согушу. Биринчи С. с. (б. з. ч. 343—341) римдиктердин жеңиши м-н аяктап, Кампания Римге өткөн. Экинчи С. с-нын мезгилинде (б. з. ч. 327—304-ж. чен) самниттер (б. з. ч. 321) Кавдин капчыгайында римдиктерге сокку урган, бирок Рим өз армиясын кайра түзүп, бул жолу да жеңген. Үчүнчү С. с-нда (б. з. ч. 298—290) римдиктер б. з. ч. 295-ж. Сентиндин жанында самниттерди биротоло багынткан. С. с. Римдин Италияга үстөмдүгүн орнотуу үчүн күрөштө маанилүү этап болуп, натыйжада Ортоңку Италия Римге баш ийген.

САМНИТТЕР — байыркы италик уруулары. С. негизинен мал багуу м-н кесип кылган. Б. з. ч. 5-к-да түзгө түшүп, бир бөлүгү Аппенин ж. а-нын батыш ж-а түш.-батыш бөлүгүнө жайгашкан. С. Римдин каратуусуна катуу каршылык көрсөтсө да (к. *Самнит согуштары)*, б. з. ч. 1-к-да рим кол башчысы Сулланын аскерине жеңилген.

САМОА, Деңиз саякатчылар аралдары — Тынч океандагы жаңар тоо атылууларынан пайда болгон аралдар тобу, *Полинезияда.* 13° ж-а 15° түш. кеңдиктердин ортосунда. Ири аралдары: Савайи (1,8 миң *км*²), Уполу (1,1 миң *км*²), Тутуила (137 *км*²). Саясий жактан экиге бөлүнөт: Батыш Самоа *(Самоа Батыш)* — көз каранды эмес өлкө (1962), Чыгыш Самоа—АКШнын колон. эөлиги (аянты 197 *км*²). С-ны эөлдөн полинезиялыктар жердешкен. Европалыктардан 1-жолу 1722-ж. голландиялык саякатчы Я. Роггевен болгон. 1768-ж. аралга француз деңиз саякатчысы Л. Бугенвиль келип, аны «Деңиз саякатчылар аралдары» деп атаган.


САМОА Батыш — Полинезиядагы мамлекет. Британия ынтымагынын составында. Тынч океандагы Самоа архипелагынын батышын, Савайи, Уполу, Аполима, Маноно ж. б. майда аралдарды эөлейт. Жалпы аянты 2834 *км*². Калкы 155 миң (1976). Борбору — Апиа ш. (калкы 31 миңден ашык).



Азыркы конституциясы 1960-ж. кабыл алынган. Мамлекет башчысы — Малиетоа Танумафили II. Мамл. гербин ж-а мамл. желегин к. *Мамлекеттик герб, Мамлекеттик желек* макалаларынын таблицасынан.

Аралдар тоолуу, жанар тоо атылышынан пайда болгон. Бийикт. 1858 *м*ге чейин. Климаты субэкватордук ж-а тропиктик, пассаттык, нымдуу. Айлык орт. темп-расы 25—27°С. Жылдык жаан-чачыны 2000—4000 *мм*. Өсүмдүктөрүнөн папоротниктер басымдуу.

Элинин 99% самоалыктар. Мамл. тили — самоа ж-а англис тилдери.



80% протестант, калгандары католик динин тутат. Орт. жышт. 1 *км*²ге 50 киши. Шаар калкы 36% (1970). Ири шаары — Апиа.

Тарыхы. С. аймагында байыртан эле уруу-уруулук түзүлүштөгү полинезиялыктар жашаган. Самоа д-дарын европалыктар ачкан мезгилде (18-к-дын аягы) андагы уруулук мамилелер ыдырай баштаган. 1830-ж. англис диничилери С. жерине евангелия миссиясын негиздешкен. С-нын геогр. шартынын оңтойлуулугу (ал Америкадан Жаңы Зеландия м-н Австралияга барчу деңиз жолунда) капит. держава-лардын (Германия, Улуу Британия, АКШ) талашын пайда кылган. 19-к-дын аягында С-ны Германия эөлеген. 1914-ж. августта Жаңы Зеландия аскерлери каратып алган, 1919-ж. Антантанын Жог. Совети С-ны Жаңы Зеландияга берген. С-нын эли колониячыларга каршы тынымсыз күрөшүп, 20-жылдары «Самоа самоалыктар үчүн» деген ураан көтөргөн. «Мау патриоттук» уюму негизделген. 1929-ж. декабрда көз карандысыздык үчүн демонстрациялар болгон. Экинчи дүйн. согуштан (1939—45) кийин ООНдун чечими б-ча Жаңы Зеландиянын колдоосуна берилип, ички иштерин өзү башкаруу укугун алган. Бирок элдин көз карандысыздык үчүн күрөшү токтолбой, 1961-ж. ООН С-ны Жаңы Зеландиянын колдоосунан бошоткон.

1962-ж. январда С. көз карандысыз мамлекет болуп жарыяланып, ошол эле жылы тышкы ж-а коргонуу, финансы ж. б. иштерин жүргүзүүнү Жаңы Зеландияга берүү ж-дө келишимге кол койгон. С. ООНго кирген эмес. Башка мамлекеттер м-н дипл. мамилеси жок.

1970-ж. Британия ынтымагына кирген.

Экономикасы. Экономикасынын негизин а. ч. (негизинен дыйканчылык) түзөт. Иштетүүчү жери жалпы аянтынын 31,7%ин, шалбаа м-н жайыт 2,1%ин, токой 64,8%ин түзөт. Кокос пальмасы, банан, какао жыгачы, батат, ямс, жүгөрү, шалы ж. б. өстүрүлөт. Баалуу жыгач иштетүүчү майда ишканалары, кофе, кокос майы, самын ф-калары бар. Токой промысели ж-а балык кармоо маанилүү орунда. Автомобиль жолунун уз. 800 *км*. Башкы порту ж-а аэропорту — Апиа.

Эл агартуусу. Балдар 6 жылдык башталгыч мектепке 7 жашынан кабыл алынат. Сабак англис ж-а самоа тилдеринде окутулат. Орто мектептер 6 жылдык. Кесипке даярдоо башталгыч мектептин базасында жүргүзүлөт. Жог. окуу жайы жок. Орто мектепти бүткөндөр жог. билимди чет өлкөдөн (АКШ) алышат. Апиа ш-нда китепкана (1959-ж. негизделген) бар. Өкмөттүк «Савали» газетасы (1904-ж. негизделген) айына 2 жолу, менчик «Самоа буллетин» (1960), «Самоа таймс» (1964) апталык газеталары англис, самоа тилдеринде чыгат. Радио уктуруу 1948-ж. негизделген.

Лит.: Кассис В., Западное Самоа, М., 1963.

САМОА Чыгыш — Тынч океандагы Самоа а-дарынын чыгыш бөлүгүндөгү өлкө, АКШнын эөлиги. Аянты 197 *км*². Калкы 30 миң (1974). Админ. борбору — Паго-Паго ш. Админ. жактан 3 округа бөлүнөт. Аймагын бийикт. 652 *м*ге жеткен тоолор, түштүгүн анча чоң эмес түздүк эөлөн жатат. Чыгыш жээгинде Паго-Паго бухтасы бар. Климаты тропиктик пассаттык. Айлык орт. темп-расы 25—27°С. Жылдык жаан-чачыны 80—450 *мм*. Аймагынын ½ бөлүгүн токой эөлейт.


Элинин көбү самоалыктар; бир аз американдыктар ж. б. жашайт. Көпчүлүгү — христиандар (негизинен протестанттар). Официалдуу тили — англис тили.

Экономикасынын негизин балык консерваларын ж-а копра чыгаруу түзөт. Жеринин ²/₅си иштетилет. Негизги экспорттук өсүмдүгү — кокос пальмасы. Банан, таро, ямс, бал камыш өстүрүлөт. Чочко ж-а канаттуулар багылат. АКШнын компаниялары-на тиешелүү ишканаларда балык-консерва ж-а консерва үчүн банкалар жасалат. АКШ ж-а Самоа Батыш м-н соода байланышы бар. Туризм өнүккөн. Акча бирдиги — АКШ доллары.

С. а-дарын өөлөө үчүн 19-к-дын 2-жарымында Германия, Улуу Британия ж-а АКШнын күрөшүүнүн натыйжасында архипелагдын батыш үзүндүгүнүн 171 тан кийинки чыгыш бөлүгү АКШга тийип, 1899-ж. ал АКШнын эөлиги деп жарыяланган. 1900—51-жылдары аны АКШнын АДФ мин-восу башкарып, 1951-ж. ички иштер мин-восуна өткөрүлгөн. С-нын калкы саясий укуктарын кеңейтүү үчүн тынымсыз күрөшүп келген. Алардын кыйла маанилүүсү 20—30-жылдардагы «Мау» (ой-пикир) кыймылы болгон. 1948-ж. амер. администрация губернаторго каратуу эки палаталуу закон чыгаруучу-кеңеш берүүчү орган түзүүгө аргасыз болгон. 1960-ж. органдык (конституциялык) акт кабыл алынып, ага ылайык С. калкы-

1. Самаркандагы Улугбек медиресесинин борб. фасады. 1420. 2. Самаркан. Театр аянты.





ның укугу бир аз кецейтилген. 1968-ж. С-да биринчи саясий партиялар уюшулган. 1969-ж. С. келечектеги саясий статутун иштеп чыгуу үчүн комиссия түзүлгөн.

САМОДЕРЖАВИЕ, жеке бийлик — жог. бийлик монархка (императорго, падышага, королго) толук таандык болгон башкаруу формасы, к. *Абсолютизм.*

САМОДИЙ ТИЛДЕРИ, самоед тилдери — урал тил уясына кирген тил топтору. С. т-не четки Түн.-Чыгыш Европа м-н Түн.-Батыш Азиянын тундра зонасына тараган ненец, энец ж-а нганасан тилдери (түн. самодий топчосун түзөт), Батыш Сибирдеги селькуп тили, түрк тилдери сүрүп чыгып жок болуп кеткен камасин, матор (же мотор), карагас ж-а тайгий тилдери кирет. Азыркы С. т-нде 34 миңден ашык киши сүйлөйт (1970). С. т-нин көбүнө өнүккөн *вокализм* системасы мүнөздүү. Айрым диалектилерде сөз маанисин ажыратуучу басымдар сакталган. Зат атоочтун үч саны, 5—10 же андан да көп жөндөмөсү, жак, таандык формасы бар, жак ж-а чак б-ча өзгөрүп, предикативдүү мүчөлөрдү кабыл алат. Этиш үч түрлүү жакталат, ыцгайлары ж-а түрлөрү арбын.

Лексикасы 17-к-дан тартып негизинен оруска сөздөр м-н байыган, анда түрк, монгол, обь-угор, енисей тилдеринен кирген сөздөр да учурайт.

Ад.: Языки и письменность народов Севера, ч. 1, М.—Л., 1937; Языки народов СССР, т. 3, М., 1966; Терещенко Н. М., Синтаксис самодийских языков, Л., 1973.

САМОЙЛОВ Фёдор Никитич [12(24). 4. 1882, азыркы Иванов обл., Гомиленки қыш.— 13. 6. 1952, Москва обл., Раменский р-ну, Кратов пос.] — Россиядагы рев-ячыл қыймылдын ишмери. 1903-жылдан Компартия мүчөсү. Токуучунун үй-бүлөсүнөн. 1905-ж. Иваново-Вознесенск иш таштоосун жетектегендеген. 1906—08-ж. басмаканачылар профсоюзунун пред-ли. 1912-ж. Владимир губ-лык жумушчуларынан 4-Мамл. думага депутат, 1914-ж. 4-Мамл. думанын большевик депутаттары м-н кошо камалып, Турухан крайына айдалган. 1917-ж. Владимир губ-нда Совет бийлигин орнотқондордун бири. 1918-ж. РСДРП(б) Иваново-Вознесенск комитетинин секретары, губернияда эмгек комиссары, ревтрибуналдын пред-ли. 1919-ж. Украинада эмгек эл комиссарынын орун басары. 1922-жылдан РКП(б) БКнын Октябрь рев-ясы ж-а РКП(б) тарыхы б-ча комиссиясынын башчысына орун басар, 1928-жылдан ВКП(б) МКнын ушундай эле комиссиясына башчы. 1932—35-ж. аксакал большевиктердин Бүткүл союздук коомдун пред-линин орун басары. 1937-жылдан Мамл. рев-я музейинин директору. 1941-жылдан пенсияда. Партиянын 12, 14—17-съездеринин делегаты, ББАКтын мүчөсү болгон.

Ад.: Виноградов Л., Ф. Самойлов, М., 1961.

САМОЙЛОВА (кыз кезинде — Громова) Конкордия Николаевна (1876, Иркутск — 2. 6. 1921, Астрахань) — Россиядагы жумушчу аялдар қыймылынын ишмери. 1903-жылдан Компартия мүчөсү. Дин кызматкеринин үй-бүлөсүнөн. 1896-ж. Петербургда аялдардын жог. курсунан окуган. 1897-жылдан студенттердин қыймылына катышкан. 1901-ж. камалган. 1902-ж. Парижге эмиграцияга барган. 1903-ж. РСДРПнин Тверь комитетинин, 1905—07-ж. Одесса, Ростов, Москва округдук, Луганск комитеттеринин мүчөсү. РСДРПнин 5-съездинин (1907) делегаты. 1909—10-ж. РСДРПнин Петербург комитетинин мүчөсү. 1912-ж. «Правда» газетасынын секретары. 1914-ж. «Работница» журналынын редколлегия мүчөсү. РСДРП(б)нин Бүткүл россиялык 7-(Апрель) конф-ясынын делегаты. Окт. рев-ясынан кийин РСДРП(б)нин Петербург комитетинде жумушчу аялдар арасында иштөө комиссиясынын пред-ли. Аялдар арасында иштөө б-ча РКП(б) БКнын кыдырып жүрүүчү инструктору. «Правда» газетасынын ж-а «Коммунистка» журналынын кызматкери. 1919-ж. Харьковдо УКП(б) БКнын аялдар арасында иштөө б-ча бөлүм башчысы. 1920—21-ж. Волгада ББАКтын «Красная Звезда» агит. кемесинин саясий бөлүмүнүн башчысы. РКП(б)нин 8-съездинин (1919) делегаты.

Ад.: Виноградова С. Ф., Жизнь, отданная революции, в сб.: Ленинградки, Л., 1968; Путиловская Н., К. Н. Самойлова, в кн.: Славные большевички, М., 1958.

САМОЙЛОВИЧ Александр Николаевич [17(29). 12. 1880—13. 2. 1938] — сов. чыгыш изилдөөчү, түрколог. СССР ИАнын акад. (1929; корр. мүчө, 1924). Нижний Новгороддо (азыркы Горький) туулган. Петербург ун-тин бүткөн (1903). 1917—30-ж. ошол эле ун-ттин, 1920—37-ж. Ленинград чыгыш ин-тунун проф. (1922—25-ж. ректору) болгон. 1929—33-ж. СССР ИАнын гуманитардык илимдер бөлүмүнө акад.-секретарь, 1934—37-ж. СССР ИАнын Чыгыш таануу ин-туна директор. Крым, Волга бою, Түн. Кавказ, Закавказ, О. Азия, Каз-ндагы ж-а Алтайдагы түрк тилдеринде сүйлөгөн элдердин тиричилигин, салтын, оозеки чыг-ларын, тилин изилдеген. СССР элдеринин жазмасын түзүүгө катышкан. Негизги ил. эмгектери түрк элдеринин тили, ад-ты, фольклору ж-а этнографиясы, түркологиянын тарыхы ж-а жалпы маселелери ж-дө.

Эмг.: Вариант сказания о Едигее и Тохтамыше, записанный Н. Хакимовым, в кн.: Тюркологический сб., 1972, М., 1973; Общий взгляд на возникновение и развитие мусульманско-турецких литературных языков в связи с разговорными наречиями, «Советская тюркология», 1973, № 5.

Ад.: Ашнин Ф. Д., Александр Николаевич Самойлович (1880—1938), «Народы Азии и Африки», 1963, № 2 (библ. трудов С.); Дмитриева Л. В., Материалы к описанию рукописного наследия А. Н. Самойловича, «Народы Азии и Африки», 1966, № 3.

САМОЛЁТ [орусча сам — өзүнчө ж-а лет(ать) — учуу], аэроплан — қыймылдаткычтардын ж-а канаттардын жардамы м-н атм-рада учуучу оор аппарат. Көп жүк көтөрүп алыска ылдам уча алгандыктан С. учуучу аппараттардын ичинен эң кецири таралган. Жүргүнчү, жүк ташуу үчүн, о. эле согуштук ж-а атайын максаттар үчүн пайдаланылат. Арналышы б-ча С. гражд. ж-а аскердик болуп бөлүнөт. Гражд. С-ко транспорттук, рекорддук, туристтик, администрациялык, машыгуучу, а. ч-лык, атайын максаттагы ж-а эксперименттик түрлөрү кирет. Аскер С-у бомбалоочу истребитель, бомбалоочу, чалгындагыч, транспорттук, байланыш ж-а санитариялык болуп бөлүнөт.

С-тун негизги бөлүктөрү: канат, фюзеляж, шасси ж-а куйрук. С. конструкциясы жагынан канаттары м-н қыймылдаткычтарынын санына ж-а жайгашуусуна, куйруктарынын формасына ж-а орун алышына ж. б. жараша бир нече класска бөлүнөт. Канаттарынын санына жараша С. *моноплан* ж-а *биплан* болуп айырмаланат. Азыркы кездеги С-тун көпчүлүгү моноплан схемасы б-ча жасалат. Шассисинин тибине жараша С. кургактык, гидросамолёт ж-а амфибия болуп бөлүнөт. Қыймылдаткычтардын тиби б-ча винт моторлуу, турбовинттүү ж-а турбореактивдүү С. болот. Учуу ылдамдыгына жараша үн ылдамдыгына чейинки, үн ылдамдыгынан тез ж-а гиперүндүү ылдамдыкта учуучу С. болуп айырмаланат. С-тун күч берүү установкасы *авиациялык қыймылдаткычтардан,* түрдүү системалардан ж-а түзүлүштөрдөн — аба винтинен, өрткө каршы жабдуудан, отун системасынан, аба соруу, от алдыруу, майлоо, тартуу күчүнүн багытын өзгөртүү системаларынан ж. б. турат. С. күүлөнгөндө канаты көтөрүү күчүн пайда кылат, фюзеляжга экипаж, жүргүнчүлөр, жүк ж-а жабдуулар жайгаштырылат, шасси көтөрүлгөндө, коноордо ж-а аэродромдо жүргөндө пайдаланылат, куйругу болсо С-тун туруктуулугун, башкарылышын ж-а тең салмакта болушун камсыз кылат.

С-ту башкаруу системасы негизги ж-а жардамчы болуп бөлүнөт. Негизгиге аба рулун башкаруу системасы кирет. Қыймылдаткычтарды, руддардын риммерлерин, шассини, тормозборду, люктарды, эшиктерди башкаргыч жардамчы система болот. С-тун жабдуусуна приборлор, радио ж-а электр жабдуусу, муз тоңдурбас түзүлүштөр, тиричилик ж-а атайын жабдуулар, ал эми аскер С-унда куралжарак да кирет.

Ад.: Шульженко М. Н., Конструкция самолётов, 3 изд., М., 1971; Никитин Г. А., Ваканов Е. А., Основы авиации, М., 1972; Проектирование самолётов, 2 изд., М., 1972; Шейнин В. М., Козловский В. И., Проблемы проектирования пассажирских самолётов, М., 1972.

САМОСВАЛ [орусча сам — өзү ж-а свал (ить) — түшүрүү], өзү түшүргүч машина — жүктү артына же капталына көтөрүп өзү түшүргүч *автомобиль* же чиркелме. Кузовун көтөрүү үчүн С-дын қыймылдаткычы м-н аракетке келүүчү гидравликалык көтөргүчтөр пайдаланылат. СССРде С. сериялуу шассинин базасында чыгарылат. Жүк көтөрүмд. 3,5—10 *т,* карьердик С-дын жүк көтөрүмд. 27, 40 *т* ж-а андан да көп.

САМОСУД Самуил Абрамович [2(14). 5. 1884, Тбилиси — 6. 11. 1964, Москва] — сов. дирижёр, СССР эл арт. (1937). 1906-ж. Тбилиси муз. окуу жайын бүткөн, кийин Прагада (Г. Виганден), Парижде (П. Касальстан) ж-а «Схола канторумда» окуган. 1917—19-ж. Мария театрында, 1918—36-ж. Ленинград Кичи опера театрында башкы дирижёр ж-а коркөм жетекчи. Алгачкы койгон опералары: «Мурун» (1930), «Мцен уездинин Макбет айымы» (1934, экөө тең Д. Шостаковичтики), «Тынч Дон» (1935, И. Дзержинский). 1936—43-ж. Чоң театрдын, 1943—50-ж. Станиславский ж-а Немирович-Данченко атн. Муз. театрдын башкы дирижёру. М. Глинканын «Иван Сусанин» (1939; СССР мамл. сыйл., 1941), Д. Кабалевскийдин «Тарастын үй-бүлөсү» (1947, 2-ред. 1951; СССР мамл. сыйл., 1952), С. Прокофьевдин «Согуш жана тынчтык» (1946; СССР мамл. сыйл., 1947) ж. б. операларын койгон. Бүткүл союздук радионун симф. оркестрин (1953—57) ж-а Бүткүл союздук радио ж-а телекөрсөтүүнүн опера-симф. оркестрин (1957) негиздеп, аларды жетектеген. Ленин ордени, башка эки орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

САМСАЛИЕВ Султаналы [22. 3. 1920-ж. т., Кыргыз ССРи, Аламүдүн (мурдагы Кызыл-Аскер) р-ну, Жог. Ала-Арча қыш.] — генерал-майор (1962). 1943-жылдан КПСС мүчөсү. 1939-жылдан Сов. Армияда. Саратов чек арачылар окуу жайын (1942), Аскер башкармасынын жерг. органдарынын борб. курсун (1944), М. В. Фрунзе атн. Аскер академиясын (1953) бүткөн. Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) Сталинградды коргоого, Орёл багытындагы салгылашка ж-а Чернигов ш-н бошотууга, Десна ж-а Днепр д-нан өтүүгө катышкан. 1944—50-ж. Кыргыз ССР Ленинполь р-ндук аскер комиссариатынын комиссары, 1953—55-ж. полктун командирине орун басар, 1956—58-ж. Жалал-Абад обл. аскер комиссариатынын комиссары, 1958—74-ж. Кыргыз ССРинин аскер комиссары. 1974-жылдан запаста. Кыргыз КП БКнын мүчөсү (1958—76), Кыргыз ССР Жог. Советине (5—8-шайл.) депутат. Кызыл Туу, 1-дараж. Ата Мекендик Согуш, Кызыл Жылдыз ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

САМСОН (байыркы еврейчеси — Шимшон, болжол м-н шемеш — күн дегенден) — библия мифологиясындагы пенденде жок күчкө ж-а кайратка ээдер каарман. Ал филистимдиктерге каршы салгылашта нечен ердик көрсөтөт: душмандын 1000 кишисин жылас кылат, Газа ш-нын дарбазасын уурдап келет ж. б. Кийин аны филистимдик Далила аттуу аял амал м-н душман колуна түшүрүп, чачын кесип алат. С-дун бардыгер кайрат-күчү өшөл чачында болгон. Бирок туткунда жатканда чач өсүп жетилип, С-дун кайрат-күчү калыбына келет. Филистимдиктер аны билбей С-ду храмга алып кирет. Ошондо ал бар күчү м-н храм түркүктөрүн тургун-тургун жибергенде храм уран С-дун өзүн да басып калат, душман да кырылат.

САМСУН — тамеки сорту. О. Азиянын, Каз-н м-н Арменияның сугат жерлеринде эгилет. Мунун Самсун 155, Самсун 417, Самсун 4—28 сыяктуу сорттору бар. Гектарынан 25—35 *ц* тамеки сырьёсу алынат. Кырг-нда Самсун 4—28 сорту өстүрүлөт.

САМУРАЙЛАР (япончо самурай — кызмат кылуу дегенден) — кецири мааниде феод. Япониядагы ак сөөк феод. катмары. С. бөтөнчө катмар каниде — майда ак сөөктөрдүн аскер феод. катмары. С. бөтөнчө катмар катары феод. Япониядагы Минамото тукумунан чыккан башкаруучулар сураган мезгилде (1192—1333) бөлүнө баштап (адатта ушундай деп эсептелет), Токугава тукумунун сёгундары башкарган кездө (1603—1867) даана калыптанган. С. жүрүш-турушунун кодекси эмгекчилерди жек көрүүгө үндөгөн. С-дын ички ыдыроо процесси 18-к-дын ортосунан кыйла күчөп, кара жалтырак уругу сыртка чачылат. Жер бетинде 40 түрү таралган. СССРде 2 түрү белгилүү. Стин жыгачы сары, өтө бекем болгондуктан жыгач устачылыгында кецири керектелинет.



С. Самсалиев.

САМЫН — при молекулалуу майлуу к-талардын тузу (к. *Карбон кислоталары).* Аның негизин майлуу к-талардын (стеарин, пальмитин, олеин ж. б.) кир кетиргич таасири бар, сууда эригич туздары түзөт. Чайыр ж-а нафтен к-таларынын жегич туздары да С-га жатат. Жегич жер ж-а оор металлдардын туздары металл С-ы деп аталып, көбү сууда эрибейт, техникада керектелет. Сууда эригич С.— мицелла пайда кылуучу *беттик активдүү заттар.* Колдонулушуна жараша кир С., атыр С. ж-а техникалык болуп бөлүнөт; алар катуу, жумшак, суюк ж-а күкүм түрүндө чыгарылат. Өндүрүштө С-га сырьё катары жаныбар ж-а өсүмдүк майлары, синтет. майлуу к-талар, канифоль, нафтен к-тасы, талл майы ж. б. пайдаланылат. С. алуунун тех. процесси 2 этаптан (кайнатуу ж-а кайнатылган С-ды иштетүү) турат. С. хим. технологияда, текстиль, кагаз, тери өндүрүшүндө, үй тиричилигинде ж. б-да кецири колдонулат.

Кыргыздар мурда үй тиричилигинде колдо жасалган самынды пайдаланышкан, к. *Шакар.*

САМЫНДАНТУУ — карбон к-таларынан алынган заттарды (татаал эфирлер, нитрилдер, амиддер ж. б.) *гидролиздөө,* мис., $RCOOR' + H_2O \rightarrow RCOOH + R'OH$. Өндүрүштө кислоталарды, спирттерди алуу үчүн колдонулат. *Майларды* С-дан майлуу карбон к-талары, *глицерин, самын,* стеарин алынат.

САМЫН ЧӨП, сапонария (Saponaria) — өсүмдүктөрдүн чеге гүлдүүлөр тукумундагы уруусу. Гүлү түркүн түстө, башча же шыпырыгыдай топ гүлгө чогулган. Мөмөсү — бир уялуу кутуча. 30дай түрү белгилүү. СССРде 10, Кырг-нда 4 түрү өсөт. Кырг-нда атайын өстүрүлүүчү дары С. ч.— бийикт. 90 *см*ге жеткен көп жылдык өсүмдүк. Жалбырагы ири, жөнөкөй эллипс формасында. *Сапонин*дерге бай тамыры самын чыгарууда колдонулат, тармал гүлдүүсү гүлзарларда өстүрүлөт.



Самыттын гүлдүү бутагы: а — аталык гүлү; б — мөмөсү.

САН — математиканын адамдын саноо, өлчөө ж-а эсептөө муктаждыктарынан пайда болгон негизги түшүнүктөрүнүн бири. «С.» түшүнүгү практиканын ж-а математиканын керектөөсүнүн өсүшүнө байланыштуу сандар теориясына чейинки даражага жетти. Натуралдык сан түшүнүгү б. з. ч. эле буюмдар-

дын санын эсептөө муктаждыгынан келип чыгып, буюмдардын аты м-н чогуу айтылган (эки кой, беш балык ж. б.). С-дар м-н амал жүргүзөндө буюмдардын аты аталбайт. Натуралдык сандардын алгачкы кеңитилиши — б ө л ч ө к т ү ү С. Алар бир текттүү эки чондукту өз ара салыштыруудан чыгат. Мис., узундукту өлчөөдө — бирдик катары алынган кесиндини бир нече жолу өлчөө, суюктуктун көлөмү — чен идиши м-н бир нече жолу куюп алуу ж. б. Мындай өлчөмдөр үлүш ж-дегү түшүнүктү пайда кылган. Терс С-дар түшүнүгү алгебр. теңдемелерди чыгарууда пайда болгон. Арифм. төрт амал дайым аткарылсын үчүн р а ц и о н а л д ы к С. көптүгүн, пределге өтүү амалы аткарылыш үчүн ч ы н ы г ы С. көптүгүн ж-а радикалдан чыгарууну аткаруу үчүн к о м п л е к с т үү С. көптүгүн киңирүүгө туура келген. Азыр булардан башка дагы С-дардын жалпыланыштары бар.

Ад.: Депман И. Я., История арифметики. М., 1959.

САНА — Йемен Араб Респ-касынын борбору. Деңиз деңг. 2400 *м* бийикте. Калкы 150 миң (1978). Өлкөдөгү маанилүү соода, ө. ж. борбору. Автомобиль жол тоому. Аэропорт бар. Курал-жарак чыгарат. Текстиль, мебель, бут кийим ф-калары иштейт. Кол өнөрчүлүк (күмүш, алтын буюмдарын, жез идиш-аяк) өнүккөн. С-да 8-, 10- ж-а 12-к-дагы арх-ра эстеликтери сакталган.

САН-АНТОНИО — АКШның Техас штатындагы шаар. Сан-Антонио өрөөнүндө. Калкы 738 миң (1974; шаар айланасы м-н 950 миң). Мексика м-н АКШның туштугун байланыштырчу жол тоому. Тамак-аш, металл иштетүү, нефть ажыратуу, химия, кийим тигүү ө. ж. ишканалары иштейт. Соода түйүну. Климаттык курорт, ун-т бар. Туризм өнүккөн. С.-А-ну 1718-ж. испандар негиздеген.

САН АТООЧ — абстракттуу сандык түшүнүктөрдүн атын, заттын санын, претин билдирген сөз түркүмү. С. а. лексика-семантикалык, граммат. өзгөчөлүктөрүнө карай алтыга бөлүнөт: э с е п т и к С. а.— абстракттуу сандык түшүнүк же заттын саны: беш, он, жыйырма ж. б.; п р е т т и к С. а.— заттын орун жагынан болгон сандык прети: үчүнчү, төртүнчү, онунчу ж. б.; ж а м д а м а С. а.— саналып айтыла турган бир өлчөй заттардын жыйындысы: үчөө, алтоо, жетөө ж. б.; ч а м а л а м а С. а.— заттын санынын чамаланып, болжолдуу көрсөтүлүшү: кыркча, ондогон, ондой, он чакты, кырктан ашык ж. б.; б ө л ч ө к с а н — ват же сандык бүтүн түшүнүктүн бөлүгү: үчтөн эки, төрттөн үч ж. б.; т о п с а н — заттын топтоштурулуп тең бөлүнүшү: мис., жүзүнөн отуздан козу.

С. а. морфол. ж-а синтаксистик жол м-н жасалып, сүйлөмдө көбүнчө аныктоочтук, баяндоочтук, бышыктоочтук милдет аткарат.

Ад.: Супрун А. Е., Славянские числительные, Минск, 1969; Виноградов В. В., Русский язык, 2 изд., М., 1972; Кыргыз тилинин грамматикасы (морфология), Фр., 1964; Чечейбаева Н., Кыргыз тилиндеги сан атоочтор, Фр., 1978.

САНАТОРИЙ (лат. sano — дарылайм) — курорттук дарылоо жүргүзүүчү мекеме. Анда табигый дарылоо факторлору (аба, минералдуу суулар, баткак, көлгө түшүү) пайдаланылат. С. чоң кишилер, балдар ж-а балдар м-н ата-энелер үчүн, бир өңчөй ж-а түрдүү ооруларды дарылоочу болуп бөлүнөт. СССРде туберкулёзго каршы ж-а балдар С-лери саламаттык сактоо органдарынын, калганы профсоюздун карамагында. С-ге СССРде ж-а соц. өлкөлөрдө путёвкалар толук баасына же акысыз (соц. камсыздоо каражаттарынын эсебинен) берилет. Колхоз ж-а колхоз аралык С. колхоз каражаттарынан уюшулат. С-ге оору катуу кармаган учурда киберилбейт.

Ад.: Полторанов В. В., Мазур М. М., Санаторно-курортное лечение и его эффективность, М., 1969; Справочник по курортологии и курортотерапии, М., 1973.

САНД Жорж (өз аты-жөнү — Аврора Дюпен; 1. 7. 1804, Париж — 8. 6. 1876, Эндр департаменти, Ноан) — француз жазуучусу. Париждеги англ. католик монастырынан окуган. 1831-ж. жазуучу Жюль Сандо м-н бирге «Роз жана Бланш» романын жарыялаган. «Индиана» (1832), «Валентина» (1832), «Лелия» (1833), «Жак» (1834) романдары демокр. романтикада жазылган. Социалдык-саясий темадагы чыгарына «Мопра» (1837), «Орас» (1841—42), «Селсаяк шакирт» (1840), «Консуэло» (1842—43), «Анжиболук тегирменчи» (1845) ж. б. романдары кирет. Бул чыгарында карапайым адамдардын турмушу, улуттук бошт. көрөш сүрөттөлүп, буржуйлардын терс образдары түзүлгөн. 1848-жылкы Февр. рев-ясы анын утопиялык көз карашына катуу сокку урган. Ушундан улам коомдук иштерден четтеп, романтикалык маанайдагы «Кар киши» (1858), «Жан де ля Рош» (1859) ж-а «Менин өмүрүмүн тарыхы» (1854—55) ж. б. романдарын жараткан. 19-кдагы орус жазуучулары С-ды ысаттаткан.

Чыг.: в рус. пер. — Собр. соч., т. 1—18, СПБ, 1896—99; Избр. соч., т. 1—2, М., 1950; Собр. соч., т. 1—9, Л., 1971—74.

Ад.: Белинский В. Г., Полн. собр. соч., т. 1—13, М., 1959; Каренин В., Жорж Санд, её жизнь и произведения, т. 1—2, СПБ—П., 1899—1916; Моруа А., Жорж Санд, 2 изд., М., 1968.

САНДАР ТЕОРИЯСЫ — математиканын бүтүн рационалдык ж-а алгебр. сандардын касиетин изилдөөчү бөлүгү. С. т-нын негизги бөлүмдөрү: жөнөкөй сандардын жайгашуусу, аныкталбаган теңдемелердин бүтүн сандардан турган чыгарылыштарын иликтөө, ар кандай сандарды рационалдык сандардын удаалаштыгы м-н жакындатуу ж. б. Теория б. з. ч. 6-к-да Грецияда пайда болгон. Алар бүтүн сандардын ар кандай касиеттерин, бөлүнүүчүлүгүн, жөнөкөй ж-а курама сандар, жетиккен сандардын касиеттери, Пифагор сандарын ж. б. изилдешкен. С. т-нын алгачкы жоболору Евклид, Эратосфен, Диофант ж. б-ным эмгектеринде иштелип чыгып, андан ары П. Ферма, Л. *Эйлер* ж-а К. *Гаусс* өнүктүргөн. С. т-нын Эйлер койгон проблемаларынын экөө али чыгарыла элек, ал эми үчүнчүсүн 1937-ж. сов. математик И. М. *Виноградов* чыгарган: 1) ар кандай N так саны жөнөкөй үч сандын суммасы; 2) ар кандай N жуп саны эки жөнөкөй сандын суммасы; 3) N так саны $p+2k^2$ түрүндөгү сандардын суммасы аркылуу туюнтулат. С. т-нын салыштыруулар ж-а диофант жакындатуу теориясын түзүүдө, жөнөкөй сандардын жайгашуу закон ченемин үйрөнүүдө, алардын аналит. теориясын түзүүдө орус ж-а сов. математиктер П. *Чебышев*, А. А. Марков, И. М. Виноградов ж. б-ным эмгеги зор.

Ад: Виноградов И. М., Основы теории чисел, 8 изд., М., 1972.

САН-ДИЕГО — АКШның Калифорния штатындагы шаар. Тынч океандын жээгинде. Калкы 745 миң (1974; шаар айланасы м-н 1,5 млн). Ири деңиз порту. Негизги тармагы — авиация ө. ж. Радио электроника, кеме куруу ж-а ремонттоо, металл иштетүү ө. ж. ишканалары бар. Тамак-аш ж-а жыгач иштетүү өнүккөн. Курорт, ун-т бар. Шаарды 1769-ж. испандар негиздеген.

САНДЫК — кездеме, кийим-кече, үй буюмдары сакталчу капкактуу үкөк. Сырты кооздолуп сырдалат же бет жагына оймо-чийме түшүрүлгөн жука калай, булгаары капталат. Айрым кол С-тын бети түстүү металлдар (алтын, күмүш) м-н кооздолгон. С. арча, карагай ж. б. жыгачтан жасалып, көлөмүнө жараша кол С., жагдан С., төө С. аталган. С-тардын ашык-машык (топсо) м-н туташтырылган капкагы, ал жабылганда бекитилме кулпусу да болот. Төө С-тардын кармагычы (көтөргүчү) эки капталында, кол С-тардыкы үстүндө болот. С. боз үйлөрдүн төрүнө коюлуп, үстүнө жүк жыйылган.

САНДЫК — тоо капталдарындагы түзөң бет, рельефтин формасы. Тоолордун структуралык түзүлүшүнө жараша жайгашат. С.— негизинен тектоникалык жаракалардын багыты б-ча көтөрүлгөн байыркы пенеплен тегиздигинин калдыгы; кээде кар чеги жаткан бийикте физ. үбөлөнүүдөн талкаланып, кар, муз ж-а жылып кеткен тоо көчкүлөрүнөн бошогон беттерде пайда болот. С. көбүнчө бүктөлүү-келки түзүлүштөгү тоолордо кездешет. Мис., Суусамырдагы Кишиней ж-а Арамса С-тары. С. деңиз деңг. 2500—3800 *м* бийикте жайгашып, аянты 2—8 *га*га жетет. Альп, субальп өсүмдүктөрү басымдуу; айрым учурда корум таштуу, шагыл кумдуу.

САНДЫК АНАЛИЗ — заттардын составындагы элементтердин, атом топторунун, мол. бирикмелердин сандык катнашын аныктоочу метод. Аналит. химиянын болүгү. С. а. анализделүүчү заттардын жаратылышына карата орг. эмес ж-а орг. анализге болунот. Булардын ар бири элементтик, функциялык ж-а фазалык анализдерге болунөт. Элементтик анализде заттардын составындагы иондордун, функциялык анализде функциялык атом топторунун ж-а радикалдардын, ал эми фазалык анализде гетеросистеманын структуралык (фазалык) бөлүктөрүнүн сандык катнашы аныкталат. С. а. хим., физ.-хим. ж-а физ. методдор м-н аткарылат. Хим. методго салмактык ж-а көлөмдүк анализдер, физ.-хим. методдорго потенциометрия, кондуктометрия, амперометрия, кулонометрия, полярография, спектрофотометрия, ал эми физ. методдорго спектрдик, рентгеноспектрдик, люминесценттик, поляриметрдик, ядроспектрдик ж. б. анализдер кирет.

САНДЫК КЕНИ — Нарын обл-ның Жумгал р-нундагы алюминий алуугa жарамдуу нефелиндүү сиенит жаткан жер. Таш-Дөбө кыш-нан 25 *км* түн. тарапта, Жумгал тоо тизмегинин чыгыш учунда. Соок суусунун оң жагында. Кенди 1953-ж. СССР ИАның ил. кызматкери Б. И. Злобин ташкан. 1958—61-ж. Кыргыз ССР геол. башкармасы (Э. Чокморов, Ч. Иманалиев, А. Захаров ж. б.) чалгындап, запасын эсептеген. Кен бири биринен алыс эмес жайгашкан Сандык (аянты 0,3 *км*^{2}), Чечекти (0,5 *км*^{2}) участкаларынан турат. Бул аймактардагы жогорку сиенит палеозой заманының аягында Май-Төр терең жаракасы аркылуу жиреп чыккан магма комплексинин 2-фазасында пайда болгон шток түрүндө жаткан нефелиндүү сиениттен турат. Нефелиндүү сиенит негизинен калийлүү талаа шпаттарынан (65—75%), нефелинден (22,5%), калганы түстүү минералдардан түзүлгөн. Негизги компоненттери: Al_2O_3 20,09%, SiO_2 58,46%, Fe_2O_3 3,59%, Na_2O+K_2O 13,7%, Rb_2O 0,089%ке чейин. Кенден алюминий кычкылын алуу мүмкүнчүлүгү бар экендиги аныкталган. Запасы мол, азырынча казылбайт (1978).

Ад.: Друкер Б. А., Нефелиновые сиениты — алюминиевое сырьё, Фр., 1966.

САНДЫК КУУРАЙ (Nepeta) — осүмдүктүн эрин гүлдүүлөр тукумундагы уруусу; көп же бир жылдык чөп. Таталтоп гүлү чачыктай, калканчадай же шыпыргыдай. 250чө түрү Европада, Африкада, Азияда таралган. СССРде 80, Кырг-нда 18 түрү тоонун каксоо беттеринде, талбааларда, бадалдардын, токойлордун арасында; көэ бири отоо чөп катары айдоолордо өсөт. Айрымынан эфир майлары алынып, парфюмерияда пайдаланылат.

САНДЫК ӨЗГӨРҮҮЛӨРДҮН САПАТТЫК ӨЗГӨРҮҮЛӨРГӨ ӨТҮШҮ — матер. диалектиканын объектиде сандык өзгөрүүлөр белгилүү чекке жеткенде сапаттык өзгөрүү болот деген негизги закондорунун бири. Бул закон табияттагы, коомдогу ж-а ойлоодогу өнүгүүнүн жалпы механизмин айкындайт. Алгач объективдүү идеалисттик негизде Г. *Гегель* түзүп, матер. диалектиканын базасында марксизм-ленинизм классиктери өнүктүргөн.

Бул закон объективдүү ж-а жалпы мүнөзгө ээ. Анын мазмуну диалектиканын сан, сапат, өлчөм ж. б. категорияларынын жардамы м-н айкындалат. Ар кандай сандык өзгөрүү системанын элементтеринин өзгөрүшүн түюнтат. Жаңы сапаттын эскиден айырмасы сандык өзгөрүүлөрдүн деңгээлине жараша болот. Объектинин жаңы сапатка өтүшү башка сандык закон ченемдин жаралганын билдирет. Эски сапаттан жаңы сапатка өтүү — *секирик*. Бул процесс жок болуунун ж-а жаралуунун, тануунун ж-а ырастоонун биримдигинен турат (к. *Карама-каршылыктардын биримдиги жана күрөшү*). Секирикте жаңы эскини сүрүп чыгып, сандык ж-а сапаттык өзгөрүүлөр өтмө катар байланышта жүрөт (к. *Танууну тануу закону*). Бул көз караш өнүгүү сандык өзгөрүүлөрдөн гана куралат, эскини жаңы алмаштырбайт деп эсептеген метафиз. түшүнүккө каршы келет. О. эле алгач сандык, анан сапаттык, кайрадан сандык өзгөрүүлөр болуп, улана берет деп түшүнүү да туура эмес. Чыныда сандык ж-а сапаттык өзгөрүүлөр чырмалышып, бир катар фазалардан өтөт. Бир эле сапаттын өзгөрүүсүндөгү түрдүү фазалар сандык өзгөрүүлөрдү туюнтат (мис., монополияга чейинки ж-а монополисттик капитализм). Секириктин башталышы системанын элементтери, алардын арасындагы байланыштар түп-тамырынан бери өзгөрө баштаны м-н мүнөздөлөт. Секириктин бүтүшүн жаңы сапаттагы элементтердин жаңы байланыштары, системанын жаңыча түзүлүшү билдирет. Зор секириктерге Күн системасындагы планеталардын, Жердеги жашоонун, адамдын ж-а анын аң-сезимининн, жаныбарлардын ж-а өсүмдүктөрдүн жаңы түрлөрүнүн келип чыгышы кирет. Коомдун өнүгүшүндөгү рев-я — секириктин өзгөчө түрү. С. ө. с. ө. ө. ыкчам же жай болушу мүмкүн. Сапатты каснеттердин системасы катары карасак, секириктин эки түрүн белгилөөго болот: 1) жеке секирик — айрым жаңы касиеттин пайда болушу; 2) жалпы секирик — касиеттердин системасынын биротоло өзгөрүшү. Сапаттык өзгөрүү сандык өзгөрүүнү жаратат.

С. ө. с. ө. ө. законунун методологиялык мааниси чоң. Ал объектинин сапаттык ж-а сандык касиеттерин биримдикте изилдөөнү, сапатты айкындоону сандык мүнөздөмөнүн колөкосунде калтырбоону талап кылат. Бул закон ашкере эволюционизмдин, реформизмдин, катастрофизмдин, ал эми коомдун өнүгүшүндө субъективдүү авантюризмдин илдеттеринен сактайт.

Ад.: Шептулин А. П., Основные законы диалектики, М., 1966; Основы марксистско-ленинской философии, М., 1977.



Ш. Санжаров.

САНДЫН БҮТҮН ЖАНА БӨЛЧӨК БӨЛҮКТӨРҮ, x санынын бүтүн бөлүгү (белгилениши $[x]$) деп x-тен чоң эмес эң чоң бүтүн сан аталат. Мис., $[5,6]=5$; $[-3,2]=-4$. x санынын бөлчөктүү бөлүгү (белгилениши $\{x\}$) деп $\{x\}=x-[x]$ саны аталат. Дайыма $0\leqslant\{x\}<1$ болот. $\{x\}$ функциясы — мезгили 1ге барабар мезгилдүү функция. Бул түшүнүктөр *сандар теориясында*, математиканын ж. б. тармактарында колдонулат.

САНЖАРОВ Шарап (1932-ж. т., Ош обл., Өзгөн р-ну, Дөң-Булак кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1961-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1945-ж. Кара-Суу р-нундагы Куйбышев атн. к-адо чабан болуп иштөөдөн баштаган. 1960-жылдан «Алга» с-зунда баш чабан. 1965-ж. ар 100 тубар койдон 120 козу, ар койдон 5 *кг* жүн алган. КПССтин 25-съездинин делегаты. СССР Жог. Советинин (9-шайл.), Кыргыз ССР Жог. Советинин (6-шайл.) депутаты. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, Октябрь Революциясы ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

САНЖЕЕВ Гарма Данцаранович [26. 1(8. 2). 1902-ж. т., Иркут губ., Балаган у.] — сов. тилчи, Чыгыш изилдөөчү. Филол. илимд. доктору (1948), проф. (1935). Бурят АССРинин илим м-н техникага эмг. сиң. иштери (1962). РСФСРдин илимге эмг. сиң. ишмери (1973). Дыйкан үй-бүлөсүнөн. 1928-ж. Ленинград чыгыш ин-тун бүткөн. ЛГУда (1929—31), Москва чыгыш таануу ин-тунда (1931—54) ж-а МГУнун Чыгыш тилдер ин-тунда (1968-жылдан) иштеген. С-дин монгол тилдери б-ча 100дөн ашык эмгеги бар. Ал эмгектеринде монгол тилдеринин грамматикасы, диалектилери, монгол тилдеринин салыштырма грамматикасы, түрк тилдеринен кабыл алынган сөздөр ж-а алтай тилдеринин айрым маселелери изилденет. С. фольклористикага байланыштуу ил. эмгектер да жазган. МЭР ИАнын чет элдик проф. (1963). Кёрьёшчома атн. коомдун (Венгрия) ардактуу мүчөсү (1970-жылдан). Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Эмг.: Синтаксис бурят-монгольского языка, Улан-Удэ, 1940; Грамматика бурят-монгольского языка, М.—Л., 1941; Сравнительная грамматика монгольских языков, ч. 1—2, М., 1953, 1963; Современный монгольский язык, М., 1956; К этимологии киргизского богатырского эпитета «канкор», в сб.: Тюркологические исследования, Фр., 1970, с. 21—26; О тюрко-монгольских лингвистических параллелях, «Советская тюркология», 1973, № 6.

Аб.: Исследования по восточной филологии. К семидесятилетию профессора Г. Д. Санжеева, М., 1974.

САНЖЫРА, (ар. шаржарат — бутак, тармак, түркчө — шежере, чежере, сажара), кыргыз санжырасы — уруунун, элдин чыгыш тегин ж-а таралышы ж-догу тарыхый маалыматтар жыйындысы; элдик оозеки чыгардын бир түрү. С. кол жазма, басма ж-а оозеки түрүндө элдердин көпчүлүгүндө кездешет. Орус, немец, англис, француз ж-а көптөгөн чыгыш элдери С-нын көп томдук жыйнактарын басмадан чыгарган. Кочмон ж-а уруу түзүлүш калдыктары сакталган элдерде (башкырт, казак, өзбек, түркмөн ж. б.) С. атадан балага оозеки өтүп келген. Белгилүүлөрү Рашид ад-Диндин түрк-монгол С-сы, Жамал Каршинин «Огуз-кыпчак» С-сы, Абулгазинин «Санжыра жазмасы» ж. б. Элдик оозеки чыгарма катары жапон келе жаткан түрк элдеринин С-ларын Н. И. Гродеков, П. Н. Рычков, А. И. Левшин, Ч. Ч. Валиханов, Г. С. Саблуков, Н. Аристов, А. А. Диваев жана Н. Г. Потанин сыяктуу изилдөөчүлөр чогултуп, айрым болуктөрүн китеп кылып чыгарышкан. Алардын көпчүлүгү архивде сакталууда. Кыргыз С-сы да өзүнчө жыйналып, кагазга түшүрүлгөн. Кыргыз ССР ИАнын тил, ад-т ин-тунун фондусундагы материалдарга караганда кыргыз С-сы негизинен беш вариант м-н айтылат: биринчиси — Осмоналы Сыдыковдуку; экинчиси — «Бала Айылчынын санжырасы»; үчүнчүсү—Тургумбек Алымбековдуку; төртүнчүсү — Ужаев Аруундуку; акыркысы — элдик вариант. Окт. рев-ясына чейин О. Сыдыковдун «Тарыхы Киргизия» (1913), «Тарыхы Кыргыз Шабданиз» (1914) деген китепчелери жарык көргөн. Бул С-ларда Тынай уруусунун манаптары, өзгөчө Шабдан Жантаев өтө макталган, о. эле 18—19-к-дагы кыргыз С-сы да кеңири баяндалган. 1940—60-ж. сов. этнографтар эл оозунан жыйнаган материалдар м-н О. Сыдыковдун С-сындагы далилдердин шайкештиги бар. Окт. рев-ясынан кийин У. Толбаев, Б. Сазанов, Тоголок Молдо, А. Чоробаев, М. Байгарипов ж. б-лардан бир нече С. жазылып алынды. Бул С-лардагы фактылар, элдин уруруларга болуңүшүнүн дээрлик баары *«Мажму-ат-таварихте»* жолугат, демек С-дагы даректердин уюткусу — турмуш. Көркөм сөз чеберлери С-да элдин тарыхын, көбүнчө, айрым адамдардын, баатырлардын иштерине байланыштуу сүрөттөйт. Мис., кыргыздар ж-догу белгилүү С-да кыргыздардын келип чыгышы Акшенин уулу Манур м-н Анал, Миналга байланыштырылып, «кыргыз» деген сөз «кырк кыз» дегенден чыккан деп түшүндүрүлөт. Көкө уулу Балыктын С-сында кыргыздардын Огуз хандан тараганы, араб жазмалары, кыргыз элинин Алтайда жашаганы, андан Ала-Тоого келиши ж-до сөз болот. С-да тарыхый материалдар миф, уламыштарга айкалышып, фольклордук дүкө баалындалат.

С. ыр (Балык), кара сөз (Мусакожо, Чодо) түрүндө айтылган. Ар бир уруунун, уруктун, бир атанын балдарынын өзүнчө С-сы болгон. Элдин С-сы 8—10 түн айтылса, уруунун С-сы 3—4 түн айтылган. Совет доорунда кыргыз С-сы С. М. Абрамзон, Я. Р. Винников («Труды Киргизской археолого-этнографической экспедиции», ч. 1—3, 1956, 1959) ж-а А. Т. Тагиржапова ж. б. («Материалы по истории киргизов и Киргизии», в 1, 1973) тарабынан жыйналып, жарым жартылай жарыкка чыгарылган. 1960-жылдары КМУнун студенттери да кыргыз С-сын жыйнап, архивге откөрүшкөн. Кыргыз С-сы толук жыйналып бир тартипке келтириле элек.

Аб.: Кыргыз ССР тарыхы, 1-т., Фр., 1973; Бартольд В. В., Кыргыздар, Фр., 1927; Абулгази Бахадур хан, Родословное древо тюрков, Казань, 1906; Абрамзон С. М., Этнический состав киргизского населения Северной Киргизии, М., 1960; Труды Киргизской археолого-этнографической экспедиции, ч. 1—3, М., 1956, 1959.

САНПИН — калкылуу талаа шаттар тобундагы минерал. *Ортоклаздын* айнек сымал түрү, к. *Талаа шпаттары.*

САНИТАРИЯ (лат. sanitas — дең соолук), санитариялык иш — саламаттык сактоонун дең соолукту сактоо ж-а чыңдоо ж-догу жетишкендиктерди, эпидемияларга каршы чараларды иш жүзүнө ашыруучу тармагын мүнөздөөчү термин. СССРде бул маселелер б-ча иштерди гигиена изилдеп, санитариялык-эпидемиологиялык станциялар жүзөгө ашырып, текшерет, к. *Гигиена, Санитариялык-эпидемиологиялык иш, Санитариялык-эпидемиологиялык станция.*

САНИТАРИЯЛЫК АВИАЦИЯ — жол катнашы татаал алыскы райондордогу калкка мед. тез жардам көрсөтүүчү авиация. СССРде С. а. 1930-ж. Кызыл Крест ж-а Кызыл Жарым Ай коомунун алдында уюшулган. Кийин С. а. станциялары обл., крайлык, респ-калык оорукканалардын тез жардам көрсөтүү ж-а консультация бөлүмдөрүнө айланган. Кырг-нда авиация м-н мед. тез жардам көрсөтүү



С. а-ның жардамы м-н бийик тоолуу жерде мед. тез жардам көрсөтүү.

1933-ж. безгек эпидемиясына каршы жүргүзүлгөн иштерге байланыштуу киргизилген. 1936-ж. Фрунзеде гражд. авиациянын бөлүмү уюшулуп, 1938—39-ж. жерг. авиатрассалар ачылгандан тартып көз бир санитариялык тапшырмалар аткарыла баштайт. 1953-ж. Фрунзеде Ата Мек. согуш инвалиддеринин госпиталынын алдында С. а. өзүнчө бөлүм болуп ачылган. Азыр Кырг-ндын бийик тоолуу райондорунун бардык жеринде (авиациянын жетишкендигине байланыштуу) оорулууларга керектүү мед. тез жардам көрсөтүлөт.

САНИТАРИЯЛЫК АГАРТУУ — саламаттык сактоонун ж-а мед. илимдин санитария-гигиеналык билимди таратуучу бөлүгү. Анын ишинде басма, радио, кино, телекөрсөтүү, элдик ун-тер кеңири пайдаланылат. С. а. СССРде 1920-ж. уюшулган. Биздин өлкөдө С. а. иши ар бир дарылоо-профилактикалык, санитариялык-эпидемиологиялык мекемелердин, мед. кызматкерлердин милдети. Аны респ-калык, крайлык, обл. ж-а шаардык С. а. үйлөрү ж-а санитариялык-эпидемиологиялык станцияларынын тиешелүү кабинеттери уюштурат. Булардан башка мед. билимди калк арасына «Билим», Кызыл Крест ж-а Кызыл Жарым Ай коомдору тараткат. Кырг-нда 1 респ-калык, 3 обл., 4 шаардык С. а. үйү ж-а 16 кабинет бар (1977).

САНИТАРИЯЛЫК СТАТИСТИКА, медициналык статистика — социалдык гигиенанын ж-а саламаттык сактоону уюштуруунун бир тармагы. Калк саламаттыгынын статистикасы (калктын санитариялык абалын, ооруккчандыкты, төрөт санын, өмүрдүн орт. узактыгын изилдөөчү) ж-а саламаттык сактоону уюштуруунун статистикасы (мед. мекемелерди, алардын иштерин, кадрларын тактап, анализдөөчү) болуп бөлүнөт. О. эле С. с-нын проблемаларына өзгөчө жарамсыздыкты, чөйрөнүн түрдүү факторлорунун таасирлерин келип чыккан *оорукчандык* м-н өлүмчүлүктүн деңгээлин изилдөө, клиника ж-а лабор-ялык изилдөөлөрдүн тактыгын, ооруларды алдын алууда көрүлгөн чаралардын тажрыйбасына баа берүү ж. б. кирет.

САНИТАРИЯ-ТЕХНИКАЛЫК ЖАБДУУЛАР — турак жай, коомдук ж-а ө. ж. имараттарын, шаар м-н посёлкалардын аймагын санитариялык жакшыртууга, калктын иштешине ж-а эс алуусуна нормалдуу шарт түзүүгө арналган түрдүү тех. жабдуулардын жалпы аты. Тайкы мааниде С.-т. ж.— ар кандай имараттарды *суу менен камсыз кылуу*, жылуулук ж-а сыюк суу м-н жабдуу, желдетүү, абаны кондициялоо системаларын иштетүүчү тех. каражаттардын ж-а санитариялык приборлордун жыйындысы. Санитариялык приборлор — эл жашоочу, коомдук-коммуналдык ж-а ө. ж. имараттарын санитариялык жактан жакшыртуу максатында кир

сууларды агызуучу түзүлүш. Алар арналышы б-ча гигиеналык максаттагы (жуунгуч, ванна, унитаз ж. б.); чарб. талаптагы (ашкана раковиналары, жуунгучтар ж. б.); атайын максаттагы (лабор-ядагы, балдар ж-а мед. мекемелердеги, о. ж. имараттарындагы тирчилик жайлары) болуп айырмаланат. С.-т. ж-га андан башка жылыткыч *(радиатор, батарея* ж. б.); газ м-н жабдуу (газ плитасы, газ колонкасы ж. б.); желдетүү ж-а кондициялоо (желдеткич; *кондиционер* ж. б.) ж. б. приборлор да кирет.

САНИТАРИЯ-ТЕХНИКАЛЫК ЖУМУШТАР — имараттарда жылытуу, желдетүү, жылуулук, газ ж-а ысык суу м-н жабдуу, *суу жүргүч* ж-а *канализация* системаларын монтаждоо ж-а куруу иштери. Ал сыртқы ж-а ички С.-т. ж. болуп айырмаланат. Сыртқы С.-т. ж-га имаратка чейинки жылуулук, газ, суу м-н жабдуу ж-а канализация тармактарынын түтүктөрүн жүргүзүү, ошону м-н бирге от жагылуучу казанканаңы, газ бөлүштүргүч станцияларды ж-а суу жүргүч курулмаларды тургузуу, канализация жүргүзүү кирет. Алар жер астында же үстүндө тургузулат. Ички С.-т. ж-га имараттардын ж-а курулмалардын ичинде *санитария-техникалык жабдуулардын* болүктөрүн ж-а түйүндөрүн монтаждоо иштери кирет.

САНИТАРИЯ - ЭПИДЕМИОЛОГИЯЛЫК ИШ — СССРдеги мамл. санитария козомолун жүргүзүү, санитариялык-профилактикалык ж-а эпидемияларга каршы чараларды иштеп чыгып, аларды ишке ашыруу чаралары. С.-э. иштин органдар м-н мекемелерин СССРдин ж-а союздаш республикалардын саламаттык сактоо мин-восунун башкы санитариялык-эпидемиологиялык станциялары түзөт. С.-э. иштин функциясы — эмгекчилердин эмгек м-н жашоо шартын жакшыртуу, чөйрөнүн булганбусуна каршы ж-а аның таазалыгын сактоого багытталган жалпы мамл. чаралардын ж-а санитариялык-гигиеналык жоболордун мекемелерде аткарылышын текшерип туруу. СССРдеги С.-э. иш чек араны санитариялык коргоону ж-а өлкөнүн аймагында жугуштуу оорулардын таратпоону ж. б. камсыз кылат. С.-э. иштн башкаруучулар эпидемияларга каршы чараларды аткарууну талап кылууга, санитариялык-гигиеналык таланка жооп бербеген имараттардын курулушун токтотуу, жеңенге жараксыз тамак-ашты жоготуу ж-до чечим чыгарууга, жугуштуу оорулар м-н ооруганларды жумуштан четтетүүгө ж. б. укуктуу, к. *Саламаттык сактоо, Гигиена, Эпидемиология.*

Аб.: Руководство по специальной гигиене и организации здравоохранения, под ред. Н. А. Виноградова, 3 изд., т. 1—2, М., 1974.


САНИТАРИЯ - ЭПИДЕМИОЛОГИЯЛЫК СТАНЦИЯ (СЭС) — санитариялык-эпидемиологиялык иштн жүргүзүүчү атайын мекеме. Ал өзүнө тиешелүү аймакта мамл. санитариялык көзөмөлдү, жугуштуу мите, кесип ооруларын алдын алуу ж-а жоготуу, чөйрөнү булгануудан сактоо чараларын ишке ашырат. СЭС санитариялык-гигиеналык, эпидемиологиялык ж-а дезинфекциялык болүмдөрдөн турат. 1979-ж. Кырг-нда 54 СЭС болгон.

САНКУРУ — Борб. Африкадагы дарыя. *Касаи* д-нын оң куймасы. Заирдө. Уз. 1000 *км*, алабынын аянты 156 миң *км²*. Жог. бөлүгүндө Лубилаш деген ат м-н терең өрөөн аркылуу агат. Босоголор ж-а шаркыратмалар көп. Вольф шаркыратмасынан төмөн өрөөнү кеңейет. Жылдык орт. чыгымы чатында 2500 *м³/сек*. Чатынан 580 *км* аралыкка чейин кеме жүрөт.

САН-МАРИНО, Сан-Марино Республикасы — Европадагы мамлекет. Апеннин ж. а-нда. Италия м-н курчалып жатат. Титано деңсоосунун капталында жайгашкан. Аянты 61 *км²*. Калкы 20 миң (1977). Борбору Сан-Марино ш. (калкы 4,5 миң). Шаарлары: Серравалле, Борго-Мажоре ж. б. Админ. жактан замокторго (округ) бөлүнөт. Мамл. тили — италия тили. Дини — католицизм.



С.-М.— респ-ка. Мамл. бийликтин жог. органы — бир палаталуу парламент (Чоң ген. совет). Аткаруучу бийлик органы — мамл. конгресс (ал



10 департаменттен турат). Мамл. гербин ж-а мамл. желегин к. *Мамлекеттик герб, Мамлекеттик желек* макалаларынын таблицасынан.

Тарыхы. С.-М. 301-жылдардан белгилүү. Кийинчерээк С.-М. Равенна экзархаттыгына ж-а Лангобард королдугуна кирген. С.-М. — Европадагы эң байыркы респ-ка (10-к-дан белгилүү). 11—13-к-да С.-М-нун аймагы сатып алынган ж-а кошулган жерлер эсебинен кеңейген. С.-М-ну 1739-ж. Рим папасынын аскерлери каратқан, бирок 1740-ж. анын көз карандысыздыгын таанышган. Италияда фашисттердин бийлике келиши м-н (1922) анар С.-М-до да активдешип, 1923-ж. бийликти ээлеген. С.-М-ну 1944-ж. сентябрда фашистнемец аскерлери оккупациялаган. 1945—57-ж. парламентте коммунисттер м-н социалисттер жетекчеген солчул партия көпчүк кылган. 1956-ж. ССРге м-н С.-М-нун ортосунда консулдук катнаш түзүлгөн. 1957-ж. оңчул күчтөр итал. төбөлдөрдүн жардамы м-н мамл. төңкөрүш жасап, 1957-жылдан Христиан-демокр. партия (ХДП) баштаган коалициялык өкмөт түзүлгөн. 1974-жылдагы парламенттик шайлоодон кийин ХДП м-н социалисттердин өкүлдөрүнөн куралган өкмөт башкарат.

Саясий партиялары жана профсоюздары. Христиан-демокр. партияда (ХДП), 1945-ж. түзүлгөн. Соц. партия, 1896-ж. негизделген. Бириккен соц. партия ж-а Соц. демократия, экөө тең 1976-ж. түзүлгөн. Респ-каны коргоо комитети, 1974-ж. уюшулган. С.-М. коммунисттик партиясы, 1921-ж. негизделген. Эмгекчи ген. конфедерациясы, Эмгекчилердин демокр. конфедерациясы, эмгекчилердин профсоюз уюму.

Экономикасы. Ө. ж. ж-а кол өнөрчүлүгү жерг. муктаждыктар м-н туристтерди камсыз кылууга багытталган. Текстиль (жүн, трикотаж), цемент, кагаз, булгаары, металл иштетүү, химия, мебель, карапа ж. б. ишканалары бар. А. ч-да майда дыйкан чарбалары басымдуу. Дан эгиндери, жүзүм өстүрүлөт. Негизги соода өнөрү — Италия. Кирешенин көбүн туризм берет. Акча бирдиги — италия лирасы.

Эл агартуусу. Билим берүү 1946-ж. кабыл алынган устав б-ча жүргүзүлөт. Бардык мектеп мамлекеттик карамагында. 6—14 жаштагы балдар миллеттүү түрдө окуйт. Башталгыч мектеп 5 жылдык, 3 жылдык толук эмес ж-а орто мектептер иштейт. С.-М-до мамл. китепкана, мамл. музей ж. б. бар.

Аб.: Матвеев Г. П., Андорра, Лихтенштейн. Монако. Сан-Марино, М., 1959.

САН-МАРИНО КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫ (СМКП) фаш. тартипгитин (1923—44) шартында 1941-ж. 7-июлда жашырын негизделген. 1921-ж. февралда Сан-Маринодо уюшулган Италия компартиясынын секциясы тез эле полициянын куугунтугунан тараган. Экинчи дүйн. согуштан кийин демокр. кыймылдын күчөшү м-н компартия кыйла ийгиликке жетишип, 1945—57-ж. Соц. партия м-н бирдикте бийлик жүргүзгөн. Христиан-демокр. партия (1948-ж. негизделген) м-н С.-д. партиянын (1955-ж. негизделген) мамл. төңкөрүшүнөн кийин СМКП башкаруудан четтетилген. 1974-ж. ал парламенттеги 60 орундун 15ин алууга жетишкен. СМКП соц. коомду куруу үчүн күрөшүүдө.

Аның өкүлдөрү Коммунисттик ж-а жумушчу партияларын эл аралык кеңешмелеринде (1957, 1960, 1969, Москва) катышып, алардын документтерин жактырган. СМКП демокр. централизм принцибинде курулат,

жог. органы — съезд, анын аралыгында — БК. Борб. органы — «Шинтилла» газетасы.

САН МЕТОДУ (математикада) — эсептөө математикасынын негизги маселелерди чыгарууну сан түрүндөгү туюнтмага алып келүүчү болүмү. С. м. м-н аналит. туюнтма аркылуу берилген функциянын маанилерн, сан коэффициенттүү алгебр. ж-а трансценденттик теңдемелердин чыгарылыштары, функциянын туундусу ж-а интегралы, дифференциал теңдемелердин чыгарылыштары табылат. С. м. так ж-а жакындатылган болуп айырмаланат. С. м-н колдонууда алынган патыйжада ката кетиши ыктымал. *Алгтегеректөөнүн ж-а методдун* катасы болуп экиге болүнөт. Ар кандай эсептөө системасы колдонулса да, көпчүлүк сандарды чектүү сандагы разряддар аркылуу туюнтууга мүмкүн болбогондугунан (мис., 1:3 санын чектүү ондук бөлчөк түрүндө жазууга болбойт) ж-а эсептөөдө артыкбаш цифраларды алып таштоодон тегеректөөнүн катасы пайда болот. С. м-н колдонгондо алгачкы маселе жакындатылган башка маселе м-н алмаштырылгандыктан методдун катасы пайда болот. Алгачкы жолу С. м. Байыркы Грецияда (б. з. ч. 3-к., Архимед) *π* санынын маанисин жакындатып эсептөөдө колдонулган.

Ад.: Березин И. С., Жидков Н. П., Методы вычислений, т. 1—2, М., 1959.

САН-ПАУЛУ — Бразилиянын түш.-чыгышындагы шаар. Калкы 7,2 млн (1975). С.-П.— Латын Америкасындагы ж-а дүйнөдөгү эң ири шаарлардын бири. Өлкөнүн маанилүү экон. борбору, жолдор тоому. Бразилиянын жалпы ө. ж. продукциясынын $^1/_3$ин берет. Негизги ө. ж. тармактары: машина куруу (электр тех., транспорт), химия ж-а текстиль. Металлургия (күюу, болот, алюминий, коргошун ж-а жез прокатын алуу), автомобиль, химия, целлюлоза-кагаз ж. б. ө. ж. ишканалары иштейт. Уч ун-т, бир нече музей бар. С.-П. 1554-ж. негизделген.

САН-РЕМО КОНФЕРЕНЦИЯСЫ (1920) — Антанта державаларынын Жог. советинин 1920-ж. 19—26-апрелде Италиянын Сан-Ремо ш-нда өткөн жыйынтыгы. Ага Улуу Британия, Франция ж-а Италиянын премьер-министрлери, Японияны элчиси катышып, Америкалын өкүлү байкоочу катары келген. Анда Түркия м-н тынчтык келишим, араб өлкөлөрүнө Улуттук лиганын мандатын бөлүштүрүү, Германиянын *Версаль тынчтык договорун (1919)* аткарышы, Сов. Россияга союздаштардын мамилеси ж-дө маселе каралган. С.-Р. к-нын чечими б-ча Улуу Британия Палестина м-н Иракка, Франция Сирия м-н Ливанга мандат алып, Түркия м-н кийин түзүлгөн *Севр тынчтык келишимин (1920)* долбоору бекитилген. Конф-я Германиядан Версаль тынчтык договорун орундатууну талап кылып, Сов. Россия м-н соода байланышын калыбына келтирүү ж-дө чечим кылган. Бирок С.-Р. к-нан кийин да Антанта державаларынын ички ыйкы-тыйкысы жоюлган эмес.

САН-САЛЬВАДОР — Сальвадордун админ.-саясий, экон. ж-а маданий борбору, шаар. Панамерика автомобиль жолунун боюнда. Сан-Сальвадор жанар тоосунун этегинде, Амакас д-нын өрөөнүндө. Калкы 850 миң (шаар айланасы м-н, 1977). С.-С-дун ө. ж. ишканалары өлкөдөгү бардык ө. ж. продукциясынын $^1/_4$инен көбүн берет. Текстиль, тамак-аш ж-а металл иштетүү ө. ж. ишканалары иштейт. Консерватория ж-а театрлар бар. С.-С. 1798, 1854, 1873, 1965-ж. жер титирөөгө дуушар болгон. Шаар 1525-ж. негизделген.

САН-СЕБАСТЬЯН ПАКТЫСЫ (1930) — монархияга каршы күрөштө Испаниянын респ-качыл партияларынын союзу ж-дөгү макулдашуу. Ал Сан-Себастьян ш-нда 8 респ-качыл партиянын жетекчилеринин 17-августа өткөн жашырын кеңешмесинде түзүлгөн. 1930-ж. октябрда ага Испания соц. жумушчу партиясы (ИСЖП) кирген. Испанияда респ-ка жарыяланган соң (1931, 14-апр.), Рев-ячыл комитет Убактылуу респ-качыл өкмөт болуп кайра түзүлгөн. С.-С. п. солчул респ-качыл партиялар м-н ИСЖПнин байланышы үзүлгөн соң жоюлган (1933).

САНСКРИТ — инди-европа тил үлүшүндагы байыркы инди жазма тилдеринин бири. Б. з. ч. 1-к-дан Түш. Индияга тараган. С. нормага салынган грамматикага, бир түрго келтирилген (унификацияланган) эрежелер системасына эгедер. Бул тилде көркөм чыг-лар, диний, филос. ж. б. ил. ад-ттар жазылган. С. инди тилдерине (асыресе лексикасынын) ж-а санскрит, будда мад-ты тараган элдердин тилинин өнүгүшүнө чоң таасир тийгизген. С. Индияда гуманитардык илимдердин, табынуу-сыйынуунун тили, тар чөйрөдө оозеки сүйлөшмө тил катары да пайдаланылат.

С. эпикалык, классикалык, веда С-и, будда аргыи С-и ж-а жайн С-и деп бир нече топко бөлүнөт. Жазуусу брахми системасында (кхароштхи, кушан жазуусу, гупта, нагари, деванагари ж. б.). С-тин өзүнө таандык фонологиялык, морфонологиялык өзгөчөлүктөрү бар. Синтаксиси текстин мүнөзүнө жараша курулат: биринде флексиялама форма көп болсо, экинчисинде татаал соз, аналит. форма басымдуу. Лексикасы бай ж-а стилистикалык жактан ар кыл. Европада С. 18-к-дын алгынан тартып изилдене баштап, 19-к-дын башында салыштырма-тарыхый тил илимнин пайда болушунда чечүүчү маанеге ээ болгон.

Ад.: Иванов В. В., Топоров В. Н., Санскрит, М., 1960.

САНСОВИНО (өз аты — Татти) Якопо (2. 7. 1486, Флоренция — 27. 11. 1570, Венеция) — Жог. ж-а Соңку Кайра жаралуу доорундагы италян архитектору ж-а скульптору. А. Сансовинодон таалим алган. Флоренцияда, Римде, 1527-жылдан Венецияда (1529-жылдан башкы архитектор) иштеген. С-нун курулуштары профилдеринин коркомдугу ж-а бай декорлору м-н [Сан-Марко китепканасы (1536—54), Корпер палацциосу (1532-ж. башталган) ж. б.] айырмаланат.

САН-СТЕФАНО ТЫНЧТЫК КЕЛИШИМИ (1878) — орус-түрк согушун (1877—78) аяктаган келишим. 19-февралда (3-март) Сан-Стефанодо түзүлгөн. Ал б-ча Черногория, Сербия ж-а Румыния толук көз карандысыздыкты алган. Босния м-н Герцеговинага Осмон империясынын чегинде автономия берилген. Болгария Түркияга вассал болгону м-н автономия князидк деп жарыяланган. Россияга Батум, Ардаган, Карс, Түш. Бессарабия ж. б. өткөн. Түркия Россияга 310 млн сом контрибуция төлөөгө милдеттенген. Бирок Улуу Британия, Австрия-Венгрия бул келишимге каршы чыгып, *Берлин конгрессинде (1878)* Россия м-н Болгарияга пайдасыз келишимдер м-н алмаштырылган. Орустүрк согушунун маанилүү жыйынтыгы, С.-С. т. к-нде корсетүлгөндөй, Болгариянын Түркия үстөмдүгүнөн бөтөнүлүшү болгарлардын улуттук мамлекетинин түзүлүшү болгон.

САНТА-ИСАБЕЛЬ — *Малабо* ш-ныи 1973-жылга чейинки аты.

САНТА-КЛАРА — Кубадагы шаар. Лас-Вильяс провинциясынын админ. борбору. Калкы 131,5 миң (1970). Автомобиль ж-а т. ж-дор тоому. Тамеки, шарап, текстиль ө. ж. өнүккөн. Муздаткыч, газ плиталарын, запас бөлүктөрдү чыгаруучу з-дор ж-а ун-т бар. С.-К. 17-к-да негизделген.

САНТАЛДАР (Santalaceae) — эки үлүштүү өсүмдүктөрдүн тукуму. Чөп, бадал же анча бийик эмес дарак. Көпчүлүгү соргучтары (гаусторияларды) м-н башка өсүмдүктүн тамырына же бутагына жарым-жартылай мителик кылат. Гүлү майда, корксуз, жалгыздан, кээде топ гүлдү түзөт. Мөмөсү жаңгак же данек сымал. Көбүнчө тропик ж-а субтропик аймактарда өсүүчү 400дөй, СССРде 20дан ашуун түрү белгилүү. Кырг-нда тезиум уруусунун 3 түрү (Ала-Тоо тезиуму, Ферган тезиуму ж-а Сибирь тезиуму) өсөт. Алар — көп жылдык, бийик. 10—40 *см*ге жеткен өсүмдүктөр.

САНТАШ — Ысык-Көл обл-ныи Түп р-нундагы Санташ айыл советине карапгуу кыштак. «Санташ» с-зунун аймагында. Райондун борбору Түптөн 60 *км* чыгыш тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 247 *км*. Калкы 346 (1979). Сегиз жылдык мектеп, китепкана, медпункт бар.

САНТАШ АШУУСУ Каркыра ж-а Түп өрөөндөрүнүн чегинде. Антропогендеги жон сымал которулган Тасма ж-а Чаар-Жон антиклиналдарынын аралыгындагы бел баскан. Бийик. 2120 *м*. Айланасындагы өрөөндөрдөн 120—150 *м* бийик. Ашуу аркылуу Ысык-Көл өрөөнүн Алматы м-н байланыштыруучу автомобиль жолу өтөт. Ашууда метеорол. станция бар. Аталышы ашууга жакын жаткан кой таш үймөктөрүнө байланыштуу.

САНТАШ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ Ысык-Көл обл-ндагы Түп р-нунун Санташ капчыгайында. Жалпы түзүлүшү чарчы формада, аянты 48×48 *м*. Дубалы таштан салынып, мунаралар м-н бекемделген. Чалдыбардын ичинде бышырылган кыштан ж-а таштан тургузулган курулуштардын калдыктары сакталган. Арх-ялык казуу убагында чопо ж-а айнек идиштер, таш ж-а темирден жасалган тиричилик буюмдары табылган. С. ш. ч. 10—12-к-да кербен сарай болгон.

САНТАШ ШАМАЛЫ *Санташ ашуусунан* Ысык-Көл өрөөнү тарапка согот. Ылдамд. 17—20 *м/сек*. Чыгыш тараптан соккон муздак аба массасы м-н көл аймагындагы жылуу абанын басымы м-н температурасынын ортосундагы айырмадан пайда болот. Жаанчачындуу, суук аба ырайын алып келет. С. ш. болоордо өрөөндө аба басымы төмөндөп, шамал башталгандан кийин кайдан жогорулайт.


САНТИМЕТР — узундук бирдиги. 0,01 *м*ге барабар. Белглениши *см*, эл аралык *ст*. Бирдиктердин *СГС* системасында узундуктун негизги бирдиги.

САНТО (орусча Среднеазиатское нефтяно-торговое общество — Орто Азия нефть өнөр жай жана соода кооому дегенден) — О. Азияда нефть өндүрүп, соода жүргүзүүчү капит. коом. 1906-ж. уюшулган. Анын уставында Туркстанда нефть өндүрүү, иштетүү ж-а аны м-н соода жүргүзүү белгиленген. С. 1908-ж. акционердик коомго айланып, Кокон у-ндеги Сел-Рахо нефть кенин эксплуатациялай баштаган. 1917-ж. анын негизги капиталы 4 млн сомду түзгөн. С. 1918-ж. мамлекеттештирилген.

САНТО-ДОМИНГО — Доминикан Республикасынын борбору. Өлкөнүн экон. ж-а маданий башкы жайы. Гаити а-ныи түш.-чыгышында. Климаты тропиктик, январдын орт. темп-расы 24,1°С, июлдуку 27°С. Калкы 922,5 миң (1977). Автомобиль ж-а т. ж. тоому. Өлкөдөгү негизги порт. Тамак-аш (кант, ром, май), текстиль, тигүү, булгаары бут кийим, цемент ж. б. өнөр жай ишканалары иштейт. Эки ун-т, Тарых академиясы, Улуттук музей, Улуттук асем өнөр гал. бар. С.-Д. 1496-ж. негизделген.

САН-ТОМЕ — Сан-Томе ж-а Принсипи Респ-касынын борбору, шаар. Атлантика океанынын Гвинея булуңундагы Сан-Томе а-ныи түш.-чыгышында. Калкы 10 миң (1978). С.-Т. аркылуу сыртка какао, кофе, пальма майы, кокос жаңгагы чыгарылат.

САН-ТОМЕ ЖАНА ПРИНСИПИ, Сан-Томе жана Принсини Демократия Республикасы — Гвинея булуңундагы Сан-Томе ж-а Принсипи а-дарындагы мамлекет. Борб. Африка жээгинен 300 *км* аралыкта. Жалпы аянты 964 *км*². Калкы 81,0 миң (1977). Борбору — Сан-Томе ш. (калкы 10 миң, 1976). С.-Т. ж. П.—респ-ка. Мамлекет башчысы — президент. Закон чыгаруу бийлиги Уюмдаштыруу чогулушунда. Мамл. желегин к. *Мамлекеттик желек* макаласынын таблицасынан.



Сан-Томе ж-а Принсипи а-дары негизинен базальт тоо тектеринен түзүлгөн, жанар тоо конустары (бийикт. Сан-Томе а-нда 2024 *м*ге чейин) бар. Принсипи а-ныи климаты экватордук, дайыма нымдуу, Сан-Томеде экватордуктан тропиктик климатка өтөт. Айлык орт. темп-расы 23—27°С. Жылдык жаан-чачыны 1000—3000 *мм*. Нымдуу экватор токою көп.

Эли — негизинен 15—16-к-да Ангола, Мозамбик, Жашыл Тумшук а-дарынан плантацияларда иштетүү үчүн алынып келинген африкалыктардын укум-тукуму. Шаар калкы 10% (1970). Мамл. тили — португал тили. Дини — католицизм.

Тарыхы. 15-к-да португалдар аралдарды ачып, өз колониясына айландырган. 16—17-к-да Африкадан Бразилияга кул сатуучу транзит база болгон. С.-Т. ж. П-нии эли 16-к-да колонизаторлорга каршы бөшт. күрөшүн баштаган. 1950—60-жылдардагы бөшт. ыкмылыныи күчөшүнөн 1960-ж. С.-Т. ж. П-нии Бөшт. комитети, 1972-жылдан С.-Т. ж. П. аралдарын бөштондукка чыгаруу ыкмылы түзүлгөн. 1974-ж. ноябрда Бөшт. ыкмылынын өкүлдөру м-н Португалия (1974-жылкы апрелдеги рев-ячыл төңкөрүштөн кийинки өкмөту) түзгөн келишим б-ча С.-Т. ж. П.— көз карандысыз мамлекет. 1975-ж. 12-июлда С.-Т. ж. П. Демокр. Респ-ка деп жарыяланган.

Экономикасы. Экономикасынын негизин а. ч. түзөт. Аймагынын $^1/_3$ иштетилет. Экспорт үчүн какао, кофе, май өсүмдүктөрү, кокос пальмасы, банан, хина жыгачы өстүрүлөт. Таруу, маниок, жүгөрү ж. б. эгилет. 1975-ж. 4 миң уй, 3 миң кой, 1 миң эчки, 3 миң чочко болгон. Балык кармалат. Ө. ж. негизинен а. ч. сырьёлорун (ун, таруу, самын, пальма майын алуу ж. б.) иштетет. 1972-ж. 5,4 млн *кат·с* электр энергия алынган. Автомобиль жолунун уз. 287 *км* (1975). А. ч. сырьёлорун сыртка чыгарып, өзүнө ө. ж. товарларын, нефть продуктуларын, цемент алат. Соода шериги — Португалия. Акча бирдиги — добра (1978-жылдан).

Эл агартуусу. Калктын 85% сабатсыз. 6—12 жашар балдарды милдеттүү түрдө окутуу кабыл алынган. Мектептин көбү жеке менчик. 4 жылдык башталгыч мектепке 7 жаштан кабыл алынат. Орто мектеп 5 жылдык (2+3). Окуу португал тилинде. Кесипчилик, пед. окуу жайы бар.

Ад.: Грин Л., Острова не тронутые временем, пер. с англ., М., 1972.

САНТЬЯГО — Чилинин борбору, шаар. Өлкөнүн маданий ж-а экон. башкы жайы. Анд тоосунун этегинде, Мапочо д-нын жээгинде. Автомобиль ж-а т. ж. тоому, 4 аэропорту бар. С. аркылуу Панамерика автомобиль жолу өтөт. Калкы 1,7 млн (шаар айланасы м-н 3,8 млн, 1976). Электр тех., металл иштетүү, машина куруу, химия, фармацевтика, резина, жеңил (анын ичинен текстиль), тамак-аш ө. ж. ишканалары иштейт. Уч ун-т, аскер окуу жайы, колдонмо иск-во мектеби, Улуттук консерватория, Чили НАсы ж. б. илим. мекемелер, Улуттук китепкана, музей ж-а театрлар бар. 1973-ж. 11-сентябрда Чилидеги аскер-



Сантьяго. Жалпы көрүнүш.

дик төңкөрүштө С-до С. Альенде курман болгон. С. 1541-ж. негизделген.

САН-ФРАНСИСКУ — Бразилиядагы дарыя, Бразилия бөксө тоосунда. Уз. 2800 *км*, алабынын аянты 600 миң *км*². Серра-да-Канастра тоо массивинен башталып, Атлантика океанына куят. Төмөнкү агымы босоголуу. Көп болгүндө кургакчыл аймак аркылуу агып, жайкы нөшөр мезгилинде кескин ташкындайт. Жылдык орт. чыгы-

мы Барра ш-нда 3000 *м³/сек*. Айрым болуктөрүндө кемө жүрөт. Алабында суу сактагыч ж-а ГЭС бар.

САН-ФРАНЦИСКО — Тынч океандагы бухта, АКШнын аймагында. Океан м-н Алтын Дарбаза кысыгы аркылуу туташат. Уз. 88 *км*, туурасы 20 *км*-дей. Бухтанын көп болугу тайыз. С.-Ф-го Сакраменто ж-а Сан-Хоакин д-лары куят. Батыш жээгинде Сан-Франциско, чыгышында Окленд, Беркли, Ричмонд ш-лары жайгашкан. Булуң аркылуу көпүрө салынган.

САН-ФРАНЦИСКО — АКШнын Калифорния штатындагы шаар. Тынч океандын жээгинде. Өлкөнүн маанилүү транспорт, соода, о. ж., финансы ж-а маданий борбору. Калкы 681 миң (1974; шаар айланасы м-н 3,7 млн). С.-Ф. АКШнын эң ири портторунун бири. Жолдор тоому, 3 аэропорту бар. Машина куруу ж-а металл иштетүү, аскер о. ж. өнүккөн. Тамак-аш, нефть



Сан-Франциско. «Кытай кварталы».

ажыратуу, химия, полигр., кара металлургия о. ж. ишканалары иштейт. Көпчүлүк о. ж. ишканалары шаар айланасында.

Азыркы С.-Ф. аймагында 1776-ж. испандардын Йерба-Буэна деген соода турагы, 1811-ж. орустардын Форт-Росс (1839-ж. сатылган) деген турагы негизделген. Америкадагы испан колонияларынын көз карандысыздык үчүн согушу (1810—26) мезгилинде С.-Ф. Мексиканын составына кирген. 1846—48-жылдардагы Испания-Америка согушунда Йерба-Буэнаны (1846) амер. аскерлер каратып алган. Анда 1945-ж. ООНду негиздеген эл аралык конф-я өткөн (к. *Сан-Франциско конференциясы, 1945*). Шаарда АКШнын аскер-деңиз базасы ж-а аскер-деңиз кемелерин ремонттоочу верфтер, Аламедеде деңиз авиациясынын базасы бар.

Шаарда 4 ун-т, консерватория ж. б. окуу жайлар, Калифорния ИАсы, бир нече ил. из. ин-т, ири китепкана, музей ж-а театрлар бар.

САН-ФРАНЦИСКО КОНФЕРЕНЦИЯСЫ *Бириккен Улуттар Уюмун (ООН)* түзүү үчүн 50 мамлекеттин катышуусу м-н 1945-ж. 25-апрелден 26-июнга чейин Сан-Франциско ш-нда (АКШ) өткөн. ООНдун Уставынын эң акыркы текстин (Крым конф-ясынын (1945) чечими б-ча) даярдоо ж-а жүзөгө ашыруу үчүн СССР, АКШ, Улуу Британия ж-а Кытайдын атынан чакырылган. Ага СССР, АКШ, Улуу Британия, Кытай, Австралия, Аргентина, БССР, Бельгия, Боливия, Бразилия, Венесуэла, Гаити, Гватемала, Гондурас, Греция, Дания, Доминикан Респ-касы, Египет, Индия, Ирак, Иран, Канада, Колумбия, Коста-Рика, Куба, Либерия, Ливан, Люксембург, Мексика, Нидерланд, Никарагуа, Жаңы Зеландия, Норвегия, Панама, Парагвай, Перу, Сальвадор, Сауд Аравиясы, Сирия, Турция, УССР, Уругвай, Филиппин, Франция, Чехосл-я, Чили, Эквадор, Эфиопия, Югосл-я ж-а Түш. Африка Союзунун өкүлдөрү катышкан. СССРдин делегациясынын кошкон талабы б-ча ООНдун Уставында Польшанын өкүлү (С.-Ф. к-па чакырылбаса да) кол коюу үчүн орун калтырылган (демек Польша да ООНду түзгөн мамлекеттердин катарына кошулган). Конф-яда ООНдун максаты, принциптери, структурасы ж-а ООНдун органдарынын өкүлдөрү ж-дөгү маселелерге көп көңүл бурулган. Думбартон-Окс конф-ясында (1944) макулдашылган сунуштар ООНдун Уставынын долбооруна негиз кылынып алынган. Катышуучулар бул сунуштарга көптөгөн кошумчалар ж-а өңдөолор киргизген. Конф-яда ООНдун Уставына колон. ж-а көз каранды аймактардын кайрылуу принциптери аныктаган декларацияны киргизүү чечилген. С.-ф. к-ның катышуучулары мандаттык аймактын эл аралык опека системасына кириши макул болгон. Сов. делегациянын ушул аймактарды жерг. калктын активдүү катышуусу м-н өзүн өзү башкаруруга ж-а толук көз карандысыздыкка жетүүгө даярдоо опеканын негизги максаттарынан деген сунушу батыш державалардын каршылыгына карабастан, кыскартылган түрдө кабыл алынган. Конф-яда ООНдун Эл аралык соту түзүлгөн. ООНдун Уставы Коопсуздук Советинин туруктуу мүчөлөрү ж-а ООНдун Уставына кол койгон мамлекеттердин көбү ратификациялаган соң 1945-ж. 24-октябрда күчүнө кирген. Ошондон тартып жыл сайын 24-окт. Бириккен Улуттар Уюмунун күнү катары белгиленет.

Ад.: Советский Союз в ООН. т. 1. М., 1965; Израэлян В. Л., Дипломатическая история Великой Отечественной войны 1941—1945, М., 1959.

САН-ХОСЕ — Коста-Риканын борбору, шаар. Панамерика автомобиль жолунун боюнда. Деңиз деңг. 1165 *м* бийиктө жайгашкан. Калкы 228,3 миң (1977). Тамак-аш, тамеки, текстиль, металл иштетүү о. ж. ишканалары иштейт. Ун-т. Улуттук китепкана, Улуттук музей бар. С.-Х-пи 1737—38-ж. испандар негиздеген.

САН-ХУАН — Пуэрто-Риконун админ. борбору, шаар. Пуэрто-Рико а-нын түп. жээгинде. Калкы 791,5 миң (шаар айланасы м-н, 1975). Өлкөнүн негизги порту. Аэропорту бар. Автомобиль жолдор тоому. Тамак-аш, текстиль, бут кийим, кийим тигүү, нефть ажыратуу, хим. о. ж. ишканалары иштейт. Ун-т, Академия, Пуэрто-Рико мад-т ин-ту, 7 музей, театр ж. б. бар. С.-Х-ды 1508-ж. испандар негиздеген.

САНЧЫ СЫНЧЫ (өз аты — Сансыз) — кыргыздын уламышта аты сакталган сынчысы. Өмүр баяны ж-де так маалымат жок. Уламыштарга ж-а эл оозундагы болжолго караганда, С. с. солто уруусунан чыгып, 16-к-дын аягы — 17-к-дын башында жашаган. Көргөнүн тартынбай айткан, айтканы айткандай келген, ото кыраакы, баамчыл киши болгон. Отон үчүн эл аны оз атынан айтпай, оболу машаяк деп чакырышкан. Бул атак ысымдар С. с-га карата олуя деген мааниде колдонулган. Анын айткан сөздөрү толук сакталган эмес, көбү уламышка, ацыз сөзгө айланып кеткен. Эл оозунда белгилүүлөрү: Солтонун уулдарын, Болот бийден тарагандарды, Кудаяр канды сындан айткандары жакып алынып, Кыргыз ССР ИАнын Тил, ад-т ин-тунун кол жазма фондусунда сакталуу. С. с-ның ысмы кийин жалпы эле баамчыл. кыраакы, сынчылык жөндөмү бар башка кишилерге карата да айтыла баштаган.

САПАТ — объектинин башкалардан айырмалап турган маанилүү өзгөчөлүгү (определённость). Ал объектинин өзгөчелүгүн сактоочу элементтердин оз ара туруктуу байланыштарын туюнтат, о. эле окшош объектилердин жалпылыгын билдирет. Дүйнө бүткөн ж-а өзгөрбөс нерселердин жыйындысынан эмес, жаралып, өзгөрүп, жоголуп туруучу, бири экинчисине айланып туруучу процесстерден куралат. Бирок кубулуштар белгилүү убакытка чейин бирин биринен айырмалоочу С-тарын сактап турат. С. объективдүү ж-а жалпы мүнөзгө ээ. Нерсенин С-ы анын касиеттеринин жыйындысынан көрүнөт. Касиет — нерселердин оз ара мамилесиндеги С-тын тигил же бул жагынын кубулушу. Бир объектинин башка объектилер м-н байланышы канча көп болсо, анын касиети ошончолук арбын болот. С. нерсенин касиетине же касиеттерине барабар эмес. Ал маанилүү касиеттердин милдетиндеги биримдикти мүнөздөйт. Нерсенин түзүлүшүнүн, элементтеринин өзгөрүшү С-ты өзгөртөт, натыйжада нерсе башка С-ка ээ болот. С. таанымдын алгачкы баскычында — сезүү-түюуда эле белгилүү болот. Тааным С-тан санга, андан экөөнүн биримдигине — чеңемге өтөт.

Ад.: Маркс К., Капитал. т. 1. Маркс К., Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 23; Энгельс Ф., Анти-Дюринг, Фр., 1964; Ленин В. И., Философиялык дептерлер. Чыг., кырг. 1-бас., 38-т.; Кедров Б. М., О количественных и качественных изменениях в природе, М., 1946.

САПАТ БЕЛГИСИ, к. *Мамлекеттик сапат белгиси.*

САПАТ КОРСОТКУЧТОРУ автоматтык жөндөө системасынын — автоматтык жөндөө системасынын оптималдуу технол. процессти аткаруудагы тактыгын же машиналар м-н механизмдердин жумуш аткаруудагы керектүү режимининн тактыгын мүнөздөөчү чоңдуктар, к. *Автоматтык жөндөө.*

САПАТТЫК АНАЛИЗ — берилген заттын составында кандай элементтер (иондор), атомдор ж-а бирикмелер бар экендигин аныктоочу методдор жыйындысы, аналит. химиянын негизги болугу. Заттардын хим. составын аныктоо С. а-деп башталат. С. а. аныкталуучу зат м-н реактивдин ортосундагы реакциянын анализдик белгилерин байкоого негизделген. Ал белгилер — түшөлүү реактивдин таасири м-н аныкталуучу заттын башташ түсүнүн өзгөрүшү, мүнөздүү түстогу чөкмөнүн пайда болушу же кескин жыттуу газдын бөлүнүп чыгышы. Мис., калий ферроцианиддин таасири м-н кызыл түстогу чөкмөнүн пайда болушу, жез, жегичтердин таасири м-н кескин жыттуу заттын бөлүнүп чыгышы эритмеде аммоний иондору бар экендигин далилдейт. *Сандык анализдей* эле С. а-де да хим., физ.-хим. ж-а физ. методдор колдонулат.

Ад. к. *Аналитикалык химия* макаласынан.

САПЕЛКИН Алексей Александрович (9. 8. 1919-ж. т., Пишпек у., Байтик айылы, азыркы Аламүдүн р-ну, Кашка-Суу кыш.) — кыргыз совет тарыхчысы, тарых илимд. доктору (1978). 1946-жылдан КПСС мүчөсү. Кедей үй-бүлөдөн. Казак укук ин-тун (1941), Кыргыз пед. ин-тун (1956) бүткөн. Кыргыз ИАнын аспирантурасын (1961) аяктаган. 1961-жылдан Кыргыз ССР ИАнын Тарых ин-тунун кенже ил., 1965-жылдан ст. ил. кызматкери. С. — Кырг-ндын 19-к-дын аягы — 20-к-дын башындагы агрардык мамилелерине арналган бир канча ил. эмгектин автору.

Эмг.: К истории феодализма в Киргизии в конце XIX — начале XX вв., Фр., 1967; Аграрные отношения в Киргизии в начале XX века (1900—1917 гг.), Фр., 1977.

САПЕРАВИ — жүзүм сорту. Кеч бышуучу грузин жүзүмү. ГССРинде, Азерб. ССРинде, Армян ССРинде, Казак ССРинде, Молд. ССРинде, УССРде, РСФСРдин Ставрополь, Краснодар крайында, О. Азия респ-каларында өстүрөт. Шишгили орточо, мемесу сүйрү, кара кок, сулуу жумшак, таттуу. 1 *га* жерден 8—10 *т* түшүм алынат. Негизинен шарап жасалат.

САПЕР (франц. saper — казуу) — инженердик аскердеги сапёрдук болуктүн ж-а болүкчөнүн аскер кызматындагы адам. 17-к-дын башында душмандын чебин талкалап, алардын курулуштарын кыйратуучу жумушчу ж-а солдаттарды С. деп аташкан. Кийин С-го бардык аскер-инженердик жумуштар жалпы милдет катары киргизилген. Азыр бардык өлкөлөрдүн куралдуу күчтөрүндө С. инженердик аскердин негизин түзөт.

САПОЖНИКОВ Михаил Григорьевич (1905—1964, Саратов ш.) — Сов. Союз. Баатыры (1943), генерал-майор. Армияга чакырылганча Кырг-н ЛКЖСтин Фрунзе шааркомунда иштеген. 1926-ж. комсомолдук путёвка м-н В. И. Ленин атн. О. Азия аскер окуу жайына жиберилген. Улуу Ата Мек. согуш башталганда 100-аткычтар дивизиясынын 81-айрым истребителдик дивизионунун, 1943-ж. июнда танкага каршы истребителдик артилл. 30-айрым бригаданын командири. 1943-ж. 25-сентябрда С-дун бригадасы Днепрден өтүп, Бородаев кыш-ндагы душманды сүрүп чыгарып, өздөрүнө плацдарм даярдап, душмандын бир нече жолку чабуулунун мизин кайтарып, 13 танкасын, өзү жүрүүчү 1 замбиректи ж-а аскерлерин жок кылган. Терт Ленин ордени, Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

САПОНИНДЕР (лат. sapo — самын) — өсүмдүк *гликозиддери* тобундагы татаал орг. азотсуз бирикмелер. Кислота же ферменттик гидролизде С. *моносахариддер* ж-а агликонго (сапогенинге) ажырайт. С-дин составына урон к-талары да кирет. С. негизинен өсүмдүктө ж-а айрым деңиз жаныбарларынын денесинде болот. Ал самын сыяктуу тез көбүктөнгөн коллоид эритмелерин берет. Фенол, ири молекулалуу спирттер ж. б. м-н туруктуу молекулалуу бирикмелерди пайда кылат, ачуу даамдуу. С-ди кан тамырга куйганда анын аз концентрациясы кандагы эритроциттерди бузат. Ичкенде ичегиде хим. составы ажырап кетет да, канга сиңбейт. С. көбүк пайда кылгандыктан орт очуруучу, пиво ж. б. суусундар даярдоодо, о. эле медицинада пайдаланылат.

САППОРО — Япониядагы шаар. Хоккайдо а-нын админ., экон., маданий борбору. Калкы 1,2 млн (1975). Текстиль, нефть ажыратуу, хим., фармацевтика, тери, жыгач иштетүү, тамак-аш, полиграфия, самолёт куруу о. ж. ишканалары иштейт. Ун-т, ил. из. ин-ттар бар. С-до 1972-ж. 11-кышкы Олимпиялык оюндар өткөн.

САПРО... (гр. saprós — чиригеи) — татаал сөздөрдүн башкы бөлүгү; тирүү жандык же өсүмдүк калдыктарынын бузулуу, чирүү процессине байланыштуу маани туюнтат. Мис., *сапрофитизм.*

САПРОПЕЛИТ, сапропел көмүрү — күйүүчү кең байлыктын (көмүрдүн) бир түрү. С. — күрөң, күрөң боз, караңгы түстөгү бир өңчөй тоо тек. Составындагы сапропель ж-а гумустуу микрокомпоненттердин өлчөмүнө карай бир нече класска (накта С., гуммит-С., С.-гумит) бөлүнөт. Гумолиттерге салыштырганда үчүн кетчү заттар (60—90% күйүүчү массага карай), май (алгачкы дёготь — 50%), суутек (7—12%) арбын ж-а табышын ото ысык болушу мүнөздүү. Көлчүктөрдө жашаган жонокой түзүлүштөгү жаныбар ж-а түрдүү өсүмдүк калдыктарынын бир жерге топтолуп, ташка айланышынан пайда болот. Күрөң көмүр кендериндеги гумустуу көмүр катмарларында өзүнчө жука кабат түрүндө кезигет. С-тен суюк отун алынат. Илээшкек С. имарат керегелерин капгоого керектелүүчү курулуш материалы катары колдонулат.



М. Г. Сапожников.

САПРОФИТИЗМ — өсүмдүктөрдүн азыктанышынын бир ыкмасы, к. *Сапрофиттер.*

САПРОФИТТЕР (*сапро...* ж-а гр. phytón — өсүмдүк) — өлүү организдердин орг. заттары же тирүү организмдердин белүндүлөрү м-н азыктануучу өсүмдүктөр. Азыктануу типи б-ча С. *гетеротрофтуу организмдерге* кирет. *Автотрофтуу организмдер* м-н бирдикте жаратылыштагы зат алмашууда негизги мааниге ээ. С. өлүктүн чиришин ж-а жаныбар белүндүлөрүнүн суугa, көмүртектин кош кычкылы, аммиак ж. б. орг. эмес кошулмага айланышын жүзөгө ашырат. С. негизинен бактерия, актиномицет ж-а козу карындар арасында кездешет.

САПТАП СЕБҮҮ — урон себүү ыкмасы. С. с.— дан эгинин себүүнүн негизги түрү. Урон айдоого катар аралыгы 10—25 *см*ден түз катарга тегиз бирдей тереңдикте себилип, жумшак топурак м-н жабылат. Эгин текши чыгып, кылка бышат. Кээде С. с-де эгин жыш чыгып, саптын ортосу жазы болуп калат. Анда кайчылап же куюп катар себүү жолу колдонулат.

САПФИР (гр. sáppheiros, байыркы еврейче сапнир — көк таш, сапфир) — корунд минералынын бир түрү; 1-класстагы асыл таш. *Корундан* көк түсү м-н айырмаланат. С-дин табиятагы чогундусу (көбүнчө рубин м-н бирге) негизинен чачынды кендер түрүндө кезигет (СССРде—Түш. Уралда; чет өлкөлөрдө—Таиландда, Шриланкада, Индияда). Синтетикалык С. зергерчиликте, синтетикалык түссүз корунд — лейкосапфир микроэлектроникада, квант электроникасында, оптикада колдонулат.

САРАЕВО — Югосл-ядагы шаар. Босния ж-а Герцеговина соц. респ-касынын борбору. Милиция д-нын өйүзбүйүзүндө. Калкы 244 миң (1971). Маанилүү жолдор тоому. Өлкөдөгү соода ж-а о. ж. борбор. Металл иштетүү, машина куруу, тамак-аш, тамеки, жыгач, текстиль, булгаары-бут кийим о. ж. ишканалары иштейт. Босния ж-а Герцеговина илимдер ж-а

иск-во академиясы, ун-т ж. б. жог. окуу жайлар бар. 1244-жылдан белгилүү. С-до 1914-ж. 28-июндa австрия тактысынын мурасчысы Франц Фердинанддын олтүрүлүшү 1-дүйн. согуштун чыгышына шылтоо болгон.

САРАП — 1) а. ч. курулушунун жеңекей түрү. С-га ургундай мал киргизилип, шайман сакталат. Азыр көбүнчө типтүү аткана, кой короо, үйкана ж. б. пайдаланылат; 2) кербен, жүргүнчү токтоочу жай; 3) падыша, хан ж-а алардын жакындарынын турак жайы да С. аталат.

САРАП—Ош обл-ның Кара-Суу р-нундагы Сарай айыл советине караштуу кыштак. Киров атн. к-здун аймагында. Райондун борбору ж-а т. ж. станциясы Кара-Суу ш-нан 1 *км* түш. тарапта. Калкы 4593 (1979). Орто мектеп, мад-т үйү, китепкана, медпункт бар. Улуу Ата Мек. согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

САРАНСК — Мордва АССРинин борбору (1934-жылдан), шаар. Инсар д-ның сол жээгинде. Т. ж. станциясы. Автомобиль жол тоому. Калкы 263 миң (1979). Электр тех. о. ж-ның ири борбору («Светотехника» өндүрүштүк бирикмеси, кабель, «Электровыпрямитель» з-ддору). Машина куруу, металл иштетүү (экскаватор, автосамосвал, мед. жабдуу, прибор куруу, инструмент ж. б. з-ддору), чоюн куюу, химия (резина комбинаты), химия-фармацевтика, жеңил («Сура» комбинаты, жасалгалоочу кездеме ф-касы) тамак-аш (консерва, эт, май) о. ж. ишканалары бар. Мордва ун-ти, пед. ин-т, техникумдар, мед. ж-а муз. окуу жайы, ил. пз. ин-ттар, сүрөт галереясы, край таануу музейи, театрлар ж. б. бар. Шаар 1641-ж. сепил катары негизделген.

САРАПУЛ — Удмурт АССРиндеги шаар. Кама д-нын оң жээгинде, Москва — Свердловск т. ж-ндагы станция. Ири дарыя порту. Калкы 107 миң (1979). Машина куруу ж-а металл иштетүү өнүккөн. Нефть ж-а газ промыселине бургулоочу, көзөөч (долото), кир жуучу машина, радио кабылдагыч конденсатор ж. б. чыгарылат. Жыгач иштетүү, курулуш материалдар ж-а тамак-аш о. ж. ишканалары иштейт. Ижевск мех. ин-тунун кечки бөлүмү, 4 техникум, драма театр, край таануу музейи бар.

САРАТАН— 1) жайкы какшыма ысык убак. С. атм-ранын циркуляциясынын айрым өзгөчөлүгү м-н байланыштуу. О. Азияда жай айларындагы түн. ж-а түш. аба массаларынын алмашуу убагында байкалат. 2) Араб элдеринин күн календарындагы 22-июндан 21-июлга чейинки мезгилге туура келүүчү 4-айдын аты. 3) Коңуздун бир түрү.

САРАТАНДАР (Melolonthinae) — коңуздардын тукумчасы. Уз. 13—36 *мм*. С-дын ургаачысы топуракка 20—80 жумуртка таштагандан кийин өлөт. Личинкасы топуракта жашап, чиринди ж-а өсүмдүк тамыры м-н азыктанат. Куурчакчасы топуракта 30—40 *см* терендикте жатат. СССРде 230 түрү белгилүү. Көпчүлүгү а. ч. ж-а токой өстүрүүчүлүккө зыян келтирет. Аларды жоготууда мех., хим. жолдор колдонулат.

САРАТОВ — РСФСРдин Саратов облының борбору (1936-жылдан), шаар. Ири дарыя порту. Темир ж-а автомобиль жол тоому. Волга д-ның оң жээгинде. Калкы 855 миң (1979). Машина куруу о. ж. өнүккөн: а. ч. машиналары, кыймылдаткыч, аккумулятор, курулуш механизмдери, электр аппараттары, өлчөгүч прибор ж-а тамак-аш, текстиль, булгаары-бут кийим, химия о. ж-ларына жабдууларды чыгарууну з-ддор. Авиация (ЯК-40 самолёттору) ж-а СССРдеги ири айнек з-ддору иштейт. Нефть ажыратуу, химия, курулуш материалдар, тамак-аш, жеңил ж. б. өнөр жай тармактары өнүккөн. С-до 10 жог. окуу жайы (ун-т, политех., мед., а. ч. ин-ттары, консерватория ж. б.), опера ж-а балет, драма театрлары, край таануу, Ульяновдордун үй-бүлөсүнүн үй музейлери ж. б. бар. 1590-ж. негизделген.

САРАТОВ ОБЛАСТЫ РСФСРде. 1934-ж. 10-январда Саратов крайы болуп түзүлгөн, 1936-ж. 5-декабрдан С. о. Аянты 100,2 миң *км*². Калкы 2560 миң (1979). Областта 39 район, 17 шаар, 30 ш. т. посёлка бар. Борбору — Саратов ш. Область эки Ленин ордени м-н сыйланган (1956, 1970).

С. о. Чыгыш Европа түздүгүнүн түш.-чыгышында, Төменкү Волга боюнда жайгашкан. Волганын оң жээгин *Волга бою дөңсөөсү*, батышын *Ока-Дон түздүгү*, сол жээгин Заволжье *(Волга бою)* ээлейт. Түш.-чыгышында *Каспий бою ойдуңу* жатат. Климаты континенттик. Январдын орт. темп-расы —11...—14°С, июлдуку 20—24°С. Жылдык жаан-чачыны 250—450 *мм*. Аймагынан Волга д. агат (420 *км*). Областтын түн. бөлүгү токойлуу талаа, түш.-чыгышы жарым чөл, калган бөлүгү талаа зонасында жатат.

Калкынын 88% — орус; алардан башка украин, казак, татар, мордва, белорус ж. б. улуттар жашайт. Орт. жышт. 1 *км*²ге 27 киши. Шаар калкы 71% (1979). Шаарлары: Саратов, Энгельс, Балаково.

Областта электр энергетика, машина куруу, химия ж-а нефть-химия о. ж. өнүккөн. Энергияны Ленин комсомолу атн. Саратов ГЭСи, Саратов ГРЭСи ж-а ТЭЦтер берет. Машина куруу ж-а металл иштетүү о. ж. негизинен Саратов (авиация, оор машина куруу, подшипник, «Серп и молот», «Сардизель», «Нефтемаш» ж. б. з-ддор), Энгельс (Урицкий атн. тролейбус, металл конструкция ж. б.), Балаково (дизель куруу, кеме ондоо), Балашов (автомобиль ж-а трактор чиркемелери) ш-ларында жайгашкан. Нефть ж-а газ о. ж. өнүккөн. 1974-ж. 1,5 млрд *м*³ газ өндүрүлгөн. Химия (жасалма ж-а синтет. була, жип, күкурт к-тасы, этил спирти, резина ж. б.), курулуш материалдар (кирпич, цемент, темир-бетон буюмдары, керамзит, шифер), тактай тилүү ж-а жыгач иштетүү о. ж. бар. Текстиль, бут кийим, тамак-аш ж. б. о. жайлары иштейт.

С. о.— СССРдеги маанилүү а. ч. р-ндорунун бири. А. ч-га жарактуу жери 8469,8 миң *га* (1979); айдоо 6360,6 миң *га*, сугат жери 216,3 миң *га*. Буудай, таруу, арпа, сулу, жүгөрү ж. б. эгилет. Областта 1979-ж. 1341,8 миң үй (сааны 615 миң), 2500 миң кой-эчки, 7112 миң чочко болгон. Автомобиль жолунун уз. 22,7 миң *км*, т. ж. 2217 *км* (1978). 1977—78-окуу жылында жалпы билим берүүчү 1565 мектеп, 76 кесипчилик, 48 атайын орто, 12 жог. окуу жайы болгон. 1978-ж. 993 китепкана, 11 музей, 8 театр, филармония ж. б. иштеген. Обл. «Коммунист» (1906-жылдан) ж-а «Заря молодёжи» (1919) газеталары чыгат. 27,8 миң орундуу 251 ооруканада 9,1 миң врач иштеген (1974). В. И. Чапаев атн. бальнеология баткак курорту, 15 санаторий бар.

Ад.: Российская Федерация. Европейский Юго-Восток. Поволжье, Северный Кавказ, М., 1968 (серия «Советский Союз»); Природа родного края и её охрана. Сб. ст., Саратов, 1971.

САРАТОВ СУУ САКТАГЫЧЫ Волга д-нда Саратов ГЭСин курууган пайда болгон (1967—68). Саратов, Куйбышев, Ульянов обл-тарынын аймагында. Аянты 1831 *км*², көлөмү 12,9 *км*³; уз. 357 *км*, эң жазы жери 25 *км*, орт. терең. 7 *м*. Деңгээли 0,5—1 *м*ге өзгөрөт. Энергия алууга ж-а суу жолу үчүн курулган. Балык кармалат. Жээгинде Куйбышев, Чапаевск, Сызрань, Хвалынск ж-а Балаково ш-лары жайгашкан.

САРАФАНОВ Геннадий Васильевич (1. 1. 1942-ж. т.) — СССР учкуч-космонавты, полковник, Сов. Союз. Баатыры (2. 9. 1974). 1963-жылдан КПСС мүчөсү. Учкучтардын Балашов жог. аскер-авиац. окуу жайын бүтүргөндөн кийин (1964) ААКта кызмат өтөгөн. 1965-жылдан космонавттар отрядында. 1974-жылдын 26—28-августунда «Союз-15» космос кемесинин командири болуп, Л. С. *Демин* м-н бирге космоско учкан. Ал башкарган кеме Жерди 48 *с* 12 *минда* 32 жолу айланган. С. бул учууда 1974-жылдын 25-июнунан бери космосто учуп жүргөн «Салют-3» орбиталык станциясына жакындашууга маневр жасоо процесстин иштеп чыккан. Ленин ордени м-н сыйланган.

САРБАГЫШЕВ Отунчу (1909, азыркы Нарын обл., Жумгал р-ну, Чаек кыш.— 8. 3. 1944, Фрунзе ш.) — кыргыздын туңгуч режиссёру ж-а актёру. Кыргыз ССРинин эмг. сиң. арт. (1939). У. *Сарбагышевдин* атасы. Театр ишмердиги 1928-жылдан башталган. С. Кыргыз мамл. театрында актёр (1928—36), Респ-калык балдар театрында режиссёр ж-а актёр (1938—41), Кыргыз мамл. драма театрында режиссёр (1941—44) болуп иштеген. Аткарган ролдору: Корбашы (Ж. Бөкөнбаев, «Алтын кыз»), Командор (Лопе де Вега, «Койлуу булак»), Таз (О. Сарбагышев, «Көкүл»). Н. В. Гоголдун «Үйлөнүү», Р. Шүкүрбековдун «Сапар», М. Токобаевдин «Кайгылуу Какей», К. Эшмамбетовдун «Сарыжи», К. Жантошевдин «Кичине баатыр» драмаларын ж-а Ж. Мольердин «Акмак болгон күйөө» комедиясын койгон. С-дин режиссёрлук дараметин таанытkан К. Жантошевдин «Курманбек» драмасы б-ча койгон спектакль (1944) болгон. Ал — «Көкүл», «Улуу мерген» драмаларынын ж-а «Чолпон» балетинин либреттосунун (Л. Крамаревский м-н бирге) автору.

САРБАГЫШЕВ Уран (11. 12. 1934-ж. т., Фрунзе)— сов. балет артисти, балетмейстер, Кыргыз ССР эл арт. (1967). Ленинград хореография окуу жайын В. И. Щелкуновдун классы б-ча бүтүргөндөн (1955) кийин Кыргыз мамл. академиялык опера ж-а балет театрынын солисти (1955—75) ж-а 1966-жылдан башкы балетмейстер. Негизги аткарган ролдору: Кадыр (В. Власов, В. Фере, «Анар»), Нурдин (М. Раухвергер, «Чолпон»), Зигфрид, Деапре (П. Чайковский, «Ак куу көлү», «Уйкудагы сулуу»), Альберт (А. Адан, «Жизель»), Базиль (Л. Минкус, «Дон Кихот»), Байтемир, Ильяс (В. Власов, «Асел»), Спартак, Красс (А. Хачатурян, «Спартак») ж. б. С. «Спартак», «Асел», «Прометей», «Өлбостук» балеттери м-н «Саманчынын жолу» балет-ораторийсин (СССР мамл. сыйл., 1976) койгон. Ал



С. Прокофьев, «Ромео жана Жульетта». Ромео — У. Сарбагышев, Жульетта—СССР эл арт. В. Бейшеналиева.

Сов. Союзунун көп жеринде ж-а ГДР, Румыния, Куба өлкөлөрүндө гастролдордо болгон. «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

САРБАН — Сокулук р-нундагы Орок айыл советине караштуу кыштак. Кырг-н дыйканчылык ил. өндүрүштүк бирикмесинин эксперимент чарбасынын аймагында. Райондун борбору Сокулуктан 30 *км* түш.-чыгыш тарапта. Пишпек т. ж. станциясынан 7 *км*. Калкы 442 (1978). 1928-ж. орношкон.

САРГАСС ДЕҢИЗИ — Атлантика океанынын субтропик кендиктериндеги болүгү; Канар, Түн. Пассат ж-а Гольфстрим агымдарынын аралыгында. Аянты 6—7 млн *км*² (агымдардын четкерининен туруксуздугуна байланыштуу деңиздин аянты өзгөрүп турат). Суусунун темп-расы кышында 18—23°С, жайында 26—28°С. Туздуулугу 36,5—37,0‰. Суусу өтө таза ж-а түнүк (60 *м*ге чейин). Деңиздин аты андагы калкыма саргасс балырларынын көп болушуна байланыштуу. С. д-нде Бермуд а-дары жайгашкан.

САРГАТА — Ош обл-ның Токтогул р-нундагы Үч-Терек айыл советине караштуу кыштак. Шопоков атн. с-здун аймагында. Райондун борбору Токтогулдан 45 *км* чыгыш тарапта. Таш-Көмүр т. ж. станциясынан 110 *км*. Калкы 1453 (1979). Орто мектеп, медпункт бар.

САРДАР (прапча сердар, сирдар) — о. кылымдагы аскер башчыларынын наамы. 15—18-к-да О. Азия ж-а Чыгыш Түркстан аскер башчылары да С. аталган. Кыргыздарда С. түшүнүгү Кокон хандыгынын убагынан белгилүү.

САРДИНИЯ — Жер Ортолук деңиздеги арал. Апеннин ж. а-нын батышында. Италияга караштуу. Аянты 24 миң *км*². Тоо (бийик. 1834 *м*ге чейин) басымдуу. Лавалуу ж-а туфтуу платолор, ойдуңдар да бар. Климаты субтропиктик, жер ортолук деңиздик. Жылдык жаан-чачыны 600—1000 *мм*. Дарыялары кыска ж-а босоголуу. 500—600 *м* бийиктикке чейин маквис бадалдары, фригана, дайыма жашыл эмен, андан жогору жалбырагы күбүлмө токой ээлейт. Кен байлыктары: коргошун, цинк, таш көмүр, темир рудасы. Дан эгиндери, жемиш бактары, жүзүм ж. б. өстүрүлөт. Башкы шаар ж-а админ. борбору — Кальяри.

САРДИНИЯ — Италиянын Сардиния а. ж-а ага жакын жаткан майда аралдарда жайгашкан тарыхый области. Админ. жактан 4 провинцияга (Кальяри, Нуоро, Сассари, Ористано) бөлүнөт. Аянты 24,1 *км*². Калкы 1473,8 миң (1971).

С-ны б. з. ч. 7-к-да финикийлер м-н гректер колонизациялаган. Б. з. ч. 535-ж. аны Карфаген, 238-ж. Рим каратkан. Б. з. 5-к-нда аралды вандалдар, 6—7-к-да византиялыктар м-н готтор, 8-к-да арабдар бийлеген. 11-к-да Пизан ж-а Генуя респ-калары бириги, С-дан арабдарды куугап соң аралды талашып, узак убакытка өз ара күрөшүшкөн. 1326—1708-ж. С. Аргон династиясынын (испаниялык) сурагында болгон. Кийин Испан мурасы үчүн согушта С. Австрияга өткөнү Раштат тынчтыгы (1714) м-н бекемделген. Лондон келишими (1720) б-ча С. Сардиния королдугунун бир бөлүгү катары Савойя династиясына өткөрүлгөн. Бирдиктүү Италия мамлекети түзүлгөн (1861) соң С. аймагы да анын составына кирген. Экинчи дүйн. согуштан кийин (1939—45) С-да демокр. күчтөрдүн позициялары чыңдалган. 1974-ж. муниципалдык шайлоодо солчул партиялар шайлоочулардын 1/4ине жакынынын добушуна ээ болгон.



Г. В. Сарафанов.



У. Сарбагышев.

САРЕЗ КӨЛҮ Памирде, Тажик ССРиндеги Тоолуу Бадахшан АОсунун аймагында. Түн. Аличур ж-а Мукол кырка тоолорунун аралыгында 3239 *м* бийикте жайгашкан. Аянты 86,5 *км*², уз. 75 *км*, туурасы 3,4 *км*ге чейин. Орт. терең. 190 *м*, эң терең жери 505 *м*. Көл 1911-ж. жер титиреөдө көчкүнүн Мургаб д-ның өрөөнүн бөгөп калуусунан пайда болгон.

САРЕКАТ ИСЛАМ, Ислам союзу — Индонезиянын массалык алгачкы саясий уюмдарынын бири. 1911-ж. негизделген Мусулман соодагерлеринин союзун кайра түзүүдөн 1912-ж. уюшулган. Соода ж-а о. ж. буржуазиясына мүдөөлөш. Биринчи дүйн. согуш (1914—18) убагында, бөтөнчө Россияда Улуу Окт. рев-ясы жеңген соң С. и. массалык чыныгы рев-ячыл-демокр. уюмга айланган. Индонезия компартиясы 1923-ж. андагы бир катар секцияларды бөлүп чыгып, Кызыл Сарекат исламды түзгөн. Ал 1924-жылдан Сарекат ракьят (Эл союзу) аталган. С. и-дын калган бөлүгү Партей Сарекат исламга (Ислам союзу партиясы, 1929-жылдан Индонезия ислам союзунун партиясы) бириккен.

САРЕКАТ РАКЬЯТ (Эл союзу) — Индонезиядагы массалык демокр. уюм. 1923-ж. негизделип, Индонезия компартиясынын (ИКП) жетекчилиги м-н иштеген. Ага негизинен дыйкандар, о. эле жумушчулар да кирген. С. р. ИКПни масса м-н байланыштырып, көбүнчө айылда, о. эле шаарда, армия м-н полиция арасында пропаганда ж-а агартуу иштерин жүргүзгөн. Ал 1924-ж. куугунтукка алынганы м-н жетекчилери 1925-ж. бир катар дыйкан көтөрүлүштөрүн башкарган. С. р-тын мүчөлөрү 1926—27-жылдагы антиколон. кыралдуу көтөрүлүшкө катышкан. Ал басылган соң С. р-ка тыюу салынып, жетекчилери камалган.

«САРИНЖИП-БӨКӨЙ»—кыргыздын социалдык-тургуктук дастандарынын бири. Эпостун Кырг-ндын ар кайсы райондорунан жазып алынган үч варианты бар. Булардан көркөм иштелгени — А. Үсөнбаевдин варианты. Ал эки прет (1938, 1958) өзүнчө китеп болуп басылып чыккан. Дастандын сюжети кыргыз элинин уруулук-пат-

рнархалдык мамилелерди, турмушу, үрп-адаты ж-дөгү окуялардан куралган. Анда Жамгырчы аттуу кыргыз канынын катуу ооруп өлүм алдында жатып, көптөн бери кабарсыз жүргөн иниси Бөкөйдү чакыртып, элди, жалгыз баласы Сарыжинди, келини Акберметти табыштаганы, бирок башынан ниети бузук Бөкөй агасы өлгө да келбей, кийин Сарыжиден Акберметти тартып алганы, акыры ошол кара ниет, зулумдук иши үчүн өлүм жазасын алганы ж-а Сарыжи м-н Акберметтин кайра кошулуп, бактылуу өмүр сүрүшү ж-дөгү окуялар баяндалат.

Дастандын сюжеттик өзөгүн түзгөн эки туугандын ортосундагы карамакаршылык, кагылыштар сүрөттөлгөн окуялардын мүнөзүнө караганда, дастан патриархалдык-феод. коомдо пайда болгон деп болжонот. Бирок чыгарма аден жаралган бойдон эле өзгөрүүсүз калган эмес, убакыт өткөн сайын кыргыз элинин башынан өткөн көп тарыхый окуялардын маанилүү учурларын боюна сиңирип, толуктап, кошумчаланып отурган. Ошондой кошумчалардын кийинкилеринин бири — кыргыз элинин тарыхына мерчемдүү из калтырып, көп оозеки чыг-лардын жаралышына негиз болгон калмактардын 15—17-к-дагы кыргыз жериндеги талоончулук бийлиги. Ырас, «С.-Б-дө» калмак бийлигине байланышкан атайын эпизод жок. Ошондой болсо да, Акберметтин себин талап, Сарыжинди жок кылуу үчүн Бөкөйдүн аскер суран, калмактын каны Гүлдүрканга кайрылышы же ошол эле кан аркылуу атасынын достугун билгизген катты көргөзүп, Сарыжинин душманынан өч алышы ошол мезгилден кыйыр кабар берет.

Бул дастан аркылуу кыргыздын таза сүйүү, адилеттүүлүк, ар кандай терс көрүнүштөр ж-дөгү элдик көз карашы, үмүт-тилеги туюнтулган.

Текст: Сарыжи-Бөкөй, Фр., 1958.
Ад.: Кыдырбаева Р., Идейно-художественные особенности эпоса «Сарыжи-Бөкөй», Фр., 1959; Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки, Фр., 1973, 522—46-б.

САРКАЗМ (гр. sarkazō — этиңди үзөм, жаныңды ачытам дегенден) — куйкумдуу ж-а ашкерелеөчү күлкү; кемчиликти чукуп айтып, адамдын ачуусуна тийүү. С. *иронийдан* шылдыңдалуучу киши-синин терс кылык-жоругун атайын апыртып, какшык аркылуу ашкерелегенин м-н айырмаланат. Мис., «Ал жөн эле ак маралдай керилет, өз төшөнчүсүн өзү жыюудан эринет. Басса бир жакка же бир чака суу алып келсе, Долондун белин жоо ашкандай демигет» (М. Алыбаев, «Ак чүч»).

САРКЕЛ (хазарча — ак үй) — Хазар шаары. 9-к-дын 30-жылдарында Дон аркылуу өтүүчү суу жолу м-н кургактагы соода жолунун тоомунда негизделген. 1934—36 ж-а 1949—51-ж. М. И. Артамоновдун жетекчилиги м-н изилденген. Тик бурчтуу (193,5×135,5 *м*) чеп шаардан аң м-н болүнүп, калың кыш дубалы ж-а мунаралары болгон. Ичинен экиге болүнүп, чоң болүгүнүн эки дарбазасы болгон, кичине бөлүгү — цитаделине сыртынан эшик чыгарылган эмес. С-ди 965-ж. орус кнлзы Святослав каратқан соң, Белая Вежа аталган. С-дин маданий катмары 3 *м*. С-дин эң алдыңкысы хазарларга таандык, ал эми анын үстүнө орус шаарчасы курулган.

САРКИСОВ Бабкен Есаевич (8. 12. 1913-ж. т., Тоолуу Карабах, Шуша ш.) — советтик мамл. ж-а парт. ишмер. 1939-жылдан КПСС мүчөсү. Азерб-н индустрия ин-тун (1938), КПСС БКга караштуу Жог. партиялык мектепти (1944) бүткөн. 1929—43-ж. Бакуда иштеген. 1944—56-ж. КПСС БКнын аппаратында жооптуу кызматта. Армения КП БКнын секретары (1956—61), Армян ССР Мин. Советинин пл. из. иштерин координациялоо б-ча мамл. комитетинин пред-ли (1961—66), Армян ССРинин автотранспорт министри (1966—70), Армян ССР Мин. Советинин мамл. баа комитетинин пред-ли. 1975-жылдан Армян ССР Жог. Советинин Президиумунун пред-ли. 1976-ж. КПССтин Текшерүү комиссиясынын мүчөсү. 1956-жылдан Армения КП БКнын мүчөсү, 1956—61, 1975-ж. Армян КП БКнын бюро мүчөсү. СССР Жог. Советинин (9—10-шайл.), Армян ССР Жог. Советинин (5—9-шайл.) депутаты. Октябрь Революциясы, Эмгек Кызыл Туу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

САРКОМА (гр. sarcós — эт ж-а *...ома)* — ыңгайсыз шишик. Ал бардык ички органдар, тери, тарамыш, булчуң кабыкчаларынын ж-а лимфа, кан тамырларынын капталынын негизин түзүүчү туташтырма ткандан өсүп чыгат. С. кайсы ткандан өссө, ага жараша остеосаркома, миосаркома, ангиосаркома ж. б. деп аталат. С. айланасындагы ткандарга жабышып өсүп, аларды бузат. Кан аркылуу өпкөгө, боорго ж. б. органдарга *метастаз* берет. Дарылоодо хирургиялык жол, о. эле радий, рентген ж. б. нурлар, химиотерапия колдонулат.

Ад.: Клиническая онкология, под ред. Н. Н. Блохина, В. Е. Петерсона, т. 1—2, М., 1971.

САРКОФАГ (гр. sarkophágos — эт жегич; алгач өлүктү жоготуучу аки таш тегинин аты) — табыттын бир түрү. Негизинен ал ар түрдүү таштардан, мрамордон ж-а жыгачтан төрт бурчтуу, кайык сымал капкакталып жасалган. С-га сөөк коюу Байыркы Египеттен (б. з. ч. 3-миң жылдык) Финикия ж. б. аркылуу Чыгышка, Грецияга ж-а Римге тараган. Борб. жана Чыгыш Алтайдан жыгачтан оюп жасалган С-дар табылган. С-га сөөк көбүнчө мумияланып коюлган (к. *Мумия*).

САРКОЦИСТОЗ, саркоспоридиоз — малдын ж-а жапайы жаныбарлардын инвазиялуу оорукет ылаңы. Адамда да учурайт. Ооруну бир клеткалуу жандыктар — саркоциста пайда кылат. Булчуң эттө трофозоит (спора) толгон ыйлаакча жаралат. Ылаң күчөп кетсе мал аксайт, эндомиокардит, шал болот. Диагнозу Лубянецкийдин компрессордук методу колдонулуп, өлгөн малдан ыйлаакчаны табуу м-н коюлат. Ыйлаакча м-н катуу дартталган эттн тамак-ашка колдонууга тыюу салынат.

САРМАТТАР — б. з. ч. 3-к-дан б. з. 4-к-на чейин Тобол д-нан Дунай д-на чейинки аймакты мекендеген уруулардын жалпы аты. С. иран тилдеринде сүйлөгөн. Б. з. ч. 7—3-к-да Волга боюнан Уралга чейинки талааларда көчүп жүрүшкөн. Алардан пр уруу союздары курапган. Б. з. ч. 3—2-к-да С. Чыгыш Европага карай ооп, Урал боюн, Төмөнкү Волга, Кубань боюн ж-а Чыгыш Кавказ этектерин (сирак ж-а аорстор), Кара деңиздин түп. жагындагы ж-а Дунай боюндагы талааларды (языг ж-а роксоландар), Түп. Кавказ м-н Төмөнкү Донду (аландар) басып алган. С. негизинен көчмөн мал чарбачылыгы м-н, отурукташкандары дыйканчылык м-н кесиптенген. Темир, тери иштетүү, тигүүчүлүк, карапа буюмдарды жасоо ж-а зергерчилик өнөрү кеңири өнүккөн. Адегенде С-да матриархаттын калдыктары сакталган патриархат түзүлүшү, кийин б. з. ч. 2-к-да таптык коом түзүлө баштаган. Б. з. ч. 2-к-дын аягында Боспор мамлекетиндеги өз ара согуштарга катышып, скиптер м-н бирге Понтий падышалыгына каршы чыккан. Б. з. ч. 1-к-дын аягында Понтий падышасы Митридат VI Евпатордун Римге каршы күрөшүндө ага союздаш болуп, Закавказьеге жортуул жасаган. С-дын чыгыш тобу экон. ж-а саясий жактан О. Азия мамлекеттери (өзгөчө Хорезм) м-н тыгыз байланышта болгон. С-дын бир болүгү гот ж-а гунндар м-н кошо элдердин улуу көчүшүнө катышып, башка элдер м-н (көбүнчө түрк тилиндеги уруулар м-н) аралашып кеткен. Төмөнкү Дондо, Түн. Кавказда ж-а Волга боюнда С-дан мурэе эстеликтер сакталып калган.

Ад.: Вопросы Скифо-сарматской археологии, Сб. ст., М., 1954; Авдусин Д. А., Археология СССР, М., 1967.

САРМШАЕВ Айдар (10. 8. 1924-ж. т., Кемин р-ну, Кызыл Октябрь кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1971). Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. «Ардактуу темир жолчу» (1972). 1945-жылдан Казак т. ж-нун Фрунзе бөлүмүндө жумушчу, монтёр. Т. ж. транспортунун тех. каражаттарын пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатууда ж-а 8-беш жылдыктын жүк ташуу планын аткарууда өз таншырмасын ашык аткарган. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

САРНАТЕ — б. з. ч. 3—2-миң жылдыктын 1-жарымында азыркы Латвия ССРинин Вентспилс р-нунун аймагындагы чым көңдүү жердеги жер кепелер. 1938—40-ж. Э. Штурмс, 1949, 1953—59-ж. Л. Ванкина изилдеген. 25 жер кепе, алардын ичинде төрт бурчтуу, керегелери жыгач 5 кепе, очок ачылган. Жыгач ийин бакандар, токмок, кетмен, янтарь буюмдарын жасоочу устакана ж. б. табылган.

САРНОГОЕВ Байдылда (14. 1. 1932-ж. т., Талас р-ну, Чоң-Чычкан кыш.) — кыргыз совет акыны. Колхозчунун үй-бүлөсүнөн. Жетим калып, Фрунзедеги № 5 кыргыз интернат мектебинде тарбияланган. СССР жаз. союзунун Горький атн. ад-т ин-тун бүткөн (1956). 1957—59-ж. «Ала-Тоо» журналынын бөлүм башчысы, 1959—74-ж. Кырг-н жаз. союзунун адабий консультанты. Чыг-ларын 1945-жылдан жарыялана баштаган. Туңгуч ыр жыйнагы («Шумкар») 1952-ж. жарык көргөн. Кийин «Досторума» (1955), «Бала мерген» (1956), «Баяс» (1956), «Ак калпак» (1961), «Тоолор жана тоолуктар» (1966), «Үзүлбөгөн үмүттөр» (1968), «Сүйлөшүү» (1970), «Тандалган чыгармалар» (1973) деген ыр китептери чыкты. С-дин поэзиясы жайдары духу, түшүнүктүүлүгү, ыргагы, обондуулугу, форма жактан уюштурулушу б-ча элдик поэзия м-н өзөктөш. Ушул сапаттарынан улам акындын ырлары элдик оозеки чыг-лардай окурмандардын калың катмарына тарап кеткен, кыйласына обон чыгарылган. Айрым ыр китептери орус тилине которулган. Медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Жакишев Ө., «Шумкар» жөнүндө, «Советтик Кыргызстан», 1953, № 2; Шерниев Ж., Турмушка элдик көз менен караган акын, «Кыргызстан маданияты», 1971, 12-апр.; Абдыраимов Ж., Калк кадырлаган талант, «Кыргызстан маданияты», 1970, 4-февр.; Байдылда Сарногоев, к-пте: Самаганов Ж., Советтик Кыргызстан жазуучулары. Био-библиогр. справочник, 2-бас., Фр., 1976, 474—76-б.

САРПА КӨЛДӨРҮ — Волга д-нын оң жээгиндеги туздуу көлдөрдүн тизмеги, Ергеней тоосунун этегинде. Калмак АССРи м-н Волгоград обл-нын аймагында (РСФСР). Iри көлдөрү: Сарпа (Солери; аянты 42,6 *км*²), Барманцак (25,8 *км*²), Цаган-Нур (23,5 *км*²), Батыр-Мала (21,9 *км*²). Жазында толуп, бири бири м-н майда агын суулар аркылуу туташып, жайында көбү соолуп, айрымдарынын таманлары айдалат.

САРТ, сарттар — эзелтен шаар м-н кыштактарда жашап, дыйканчылык, соода-сатык ж-а кол өнөрчүлүктү кесип кылган өзбектердин Окт. рев-ясына чейинки аты. В. В. Радлов «С.» терминин санскрит тилиндеги «сартхалаха» (соодагер, кербен башы) деген сөздөн келип чыккан дейт. Юсуф Хос Хожиб м-н Махмуд Кашгариинн эмгектеринде да «С.» деген сөз «соодагерди» туюнтат. 13-кылымда монголдор Хорезмде жашаган калкты, кийинчерээк соода-сатык, кол өнөрчүлүк м-н күн көргөн маверанахр элин (мусулмандарды) сартовул, сартактой деп аташкан. «С.» термини


А. Сармшаев.


К. К. Сартбаев.


Р. Сартбаев.


К. Сартбаева.

бул турпатында А. Навои тарабынан биринчи жолу пайдаланылып, «фарстажик» деген маани билдирген. Дашти Кыпчак өзбектери Мавераннахрды бүтүндөй эзелп алган соң, аларга чейин ушул жерде отурукташ жашаган элдерди «С.» деп, өздөрүн «өзбектер» деп аташат. Башта көчмөн, жарым көчмөнчүлүк турмушта жашаган, бирок кийин отурукташкан кыргыз, өзбек элдеринин урук, уруу наамдарынан да С. сөзү учурайт. Мис., сарт-кыпчак (өзбектерде), сарт-карасакал (кыргыздарда).

САРТБАЕВ Калкабай Калыкович (май, 1911-ж. т., Жамбыл обл., Жамбыл р-ну, Сыпаш айлы) — кыргыз совет тилчиси, филол. илимд. доктору (1954), проф. (1954), Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү (1954). 1945-жылдан КПСС мүчөсү. КМПИни бүткөн (1939). 1950—51-ж. МГУда доцент, 1954—59-ж. КМУнун филол. ф-тетине декан, 1959—75-ж. кыргыз тил, кыргыз тилин ж-а ад-тын окутуу методикасы кафедраларына башчы. 1975-жылдан кыргыз тилин ж-а ад-тын окутуу методикасы кафедрасында проф. С-дин негизги изл. эмгектеринде кыргыз тилинин кошмо сүйлөмүнүн синтаксиси, кыргыз тилин окутуунун методикасы, кыргыз адабий тилинин өнүгүшүнө, жалпы тил илимине тийиш маселелер изилденет. Анын кыргыз ж-а орус тилдерин, түрк тилдерин салыштырып изилдеген эмгектери, о. эле жог. окуу жайлары м-н орто мектептер үчүн түзгөн окуу китептери да бар. Бардыгы болуп 160 пл. эмгек жарыяланган. С-дин жетекчилиги м-н 1955—78-ж. филол. ж-а пед. илимд. 25 кандидаты, 1 доктору даярдалган.

Эмг.: Кыргыз тилиндеги кошмо сүйлөмдүн синтаксиси, Фр., 1957; Кыргыз тилин окутуунун методикасы, Фр., 1963; Түрк тилдеринин салыштырма грамматикасы, Фр., 1962; Тил илими, Фр., 1975; Классификация частей речи в киргизском языке, Фр., 1975.

Ад.: Касымбеков Т., Мугалим, «Кыргызстан маданияты», 1971, 21-апр.; Артыкбаев К., Иманалиев С., Илимпоз жана педагог, «Советтик Кыргызстан», 1971, 29-май; Чонбашев К. С., Мырзабаев А., К 60-летию К. К. Сартбаева, «Филологические науки», 1971, № 6, с. 120—21.

САРТБАЕВ Ракматалы (15. 1. 1934-ж. т., Нарын обл., Жумгал р-ну, Чаек кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1957). 1959-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1948-ж. Жумгал р-нундагы «Чаек» к-зунда жардамчы чабандан баштаган. 1951-жылдан баш чабан. 1962-ж. Пржевальск а. ч. техникумун бүткөн. 1956-ж. ар жүз тубар койдон 118 козу, ар койдон 4,2 *кг* жүн алган. СССР Жог. Советинин (5—6-шайл.) депутаты. КПССтин 22, 25, Кырг-н КПнын 13, 14, 16-съездеринин делегаты. Кырг-н КП БКнын (1963, 1976), ВЛКСМ БКнын мүчөсү, эки Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

САРТБАЕВА Кайыргүл (20. 6. 1936-ж. т., Кемин р-ну, Кара-Булак кыш.) — кыргыз совет опера ырчысы (лирика-драмалык сопрано). Кыргыз ССР эл арт. (1974). 1967-жылдан КПСС мүчөсү. П. И. Чайковский атн. Москва мамл. консерваториясы ырчы-педагог В. Ф. Рождественскаянын классы б-ча (1962) бүткөндөн Абдылас Малдыбаев атн. Кыргыз мамл. академиялык опера ж-а балет театрында солист. Ал—О. Азия м-н Каз-ндын вокалисттеринин 2-конкурсунун лауреаты (1966). С. классикалык ж-а улуттук операларды негизги партияларды аткарат. Белгилүү партиялары: Татьяна, Лиза (П. Чайковский, «Евгений Онегин», «Карга маткеси»), Микоэла (Ж. Бизе, «Кармен»), Дездемона (Ж. Верди, «Отелло»), Маргарита (Ш. Гуно, «Фауст»), Баттерфляй (Ж. Пуччини, «Чио-Чио-сан»), Айчүрөк, Каныкей, Зулайка (А. Малдыбаев, В. Власов ж-а В. Фере, «Айчүрөк», «Манас», «Ажал ордуна») ж. б. Москвадагы СССР Чоң театрында стажировкада болуп, Баттерфляй м-н Маргаританын партиясын аткарган. Сов. Союзу б-ча ж-а айрым чет өлкө-


П. И. Чайковский. «Евгений Онегин». Татьяна — К. Сартбаева.

лордо гастролдо болгон. С. кыргыз совет композиторлорунун ырлары, романстарын чебер аткаруучу катары да белгилүү. 1976-ж. Эл аралык «Мадам Баттерфляй» (Токио) конкурсуна катышып, «Дүйнодогу ири опера сахналарында ырдай алат» деген медалга арзыган. Ал Кырг-н Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты (1975). Медаль м-н сыйланган.

Ад.: Исаков И., Кайыргүл Сартбаева, к-пте: Сахнанын жана экрандын жылдыздары, Фр., 1978, 11—23-б.

САРТ-КАЛМАКТАР — Кытайдан О. Азияга жер оошуп келген батыш монголдордун (олеттердин) тобу. Алар 19-к-дын 2-жарымында Цинь династиясына каршы Кытайдагы дунгандардын көтөрүлүшү жеңилгенде көчүп келишкен. 1884-жылдан азыркы Ысык-Көл обл-нын Ак-Суу р-нундагы Боруу-Баш, Челпек, Таш-Кыя, Бурма-Суу кыш-нда жашашат. Кыргыз тилин кабыл алышып, бара-бара кыргыздашып кетишкен. Дини ишенгендери мусулмандар.

САРТЛАН — Бараба талаасындагы көл, Новосибирь обл-нын аймагында. Аянты 238 км². Орт. тереңд. 3 м, эң терең жери 6 м. Окт.— ноябрда тоңуп, апр.— майда ачылат. Суусу мала туздуу. Көлгө Карапуз д. куят. Балык кармалат.

САРТР Жан Поль (21. 6. 1905-ж. т., Париж) — француз жазуучусу, философ ж-а публицист. Дениз офицеринин үй-бүлөсүнөн. Жог. нормалдык мектепти бүткөн (1929). Францияны фашист немецтер басып алганда каршылык көрсөтүү кыймылынын басма сөздөрү м-н кызматташ болгон. Бирде либералдык демократизмди, бирде солчул радикалдык экстремизм идеяларын карманып, олку-солку көз караштa жүргөн. Бул анын публ. 9 жыйнагынан («Кырдаалдар», 1947—72) көрүнөт. 1952-ж. Тынчтыкты жактоочулардын бүткүл дүйн. кыймылына катышып, колониализмге ж-а расизмге каршы чыгып, соц. өлкөлөрдү колдогон. Балалык ж-догу автобиогр. «Сөз» (1964) аттуу повести үчүн Нобель сыйлыгы ыйгарылган. Бирок бул сыйлыкты ыйгарчу комитеттин 20-жылдардагы рев-лчыл жазуучуларды эмгегин калыс баалабаганы үчүн С. аны алуудан баш тартkан. Анын «Жийиркеничˈ» (1938) деген романы, «Дубал» (1939) аңгеме жыйнагы, «Азаттык жолу» (1945—49) аттуу бүтөгөн тетралогиясы ж-а «Чымындар» (1943), «Жабык эшиктин ары жагында» (1945) сыяктуу драмалык чыг-лары да бар. Француз экзистенциалисттеринин жетекчиси катары С-дын чыг-лыгы Франция ж. б. өлкөлөрдүн рухий турмушуна кыйла таасир тийгизген. Чыг-лары марксчылар тарабынан сынга алынган.

Чыг.: Пьесы, М., 1967.

Ад.: Кузнецов В. Н., Жан Поль Сартр и экзистенциализм, М., 1970; Стрельцова Г. Я., Критика экзистенциалистской концепции диалектики (анализ философских взглядов Ж. П. Сартра), М., 1974.

САРУУ — Ысык-Көл обл-нын Жети-Өгүз р-ундагы Саруу айыл советине караштуу кыштак. Күйбышев атн. к-здун борбору. Жууку суусунун оң ойүзүндө, Рыбачье — Пржевальск автомобиль жолунун боюнда. Райондун борбору Покровкадан 7 км батыш тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 178 км. Калкы 4778 (1979). Орто мектеп, клуб, китепкана, участкалык оорукана, төрөт үйү бар. Кыштакка жакын Ысык-Көл санаторийи ж-а *Жуукучак минералдуу суусу* жайгашкан. Улуу Ата Мек. согушта курман болгондорго эстелик тургузулган. Соц. Эмг. Баатыры М. *Жумабылова* жашайт. 1890-ж. орношкон.

САРЫАГАЧ — бальнеология-терапия санаторийи. Чымкент ш-нан 130 км түш. тарапта. Минералдуу суулар 1946-ж. табылып, 1953-жылдан санаторий. Жайы ысык (июлдун орт. темп-расы 27°С), кышы жылуу (январдыкы — 1°С). Дарылануучу минералдуу суусунун темп-расы 49—52°С. Анын составында кремний кычкылы, радиоактивдүү элементтер, азот, гидрокарбонат, натрий, калий, кальций, магний, алюминий, марганец, молибден ж-а түрдүү микроэлементтер бар. Мында муун, сөөк, булчуң, бөйрөк, тери, аш казан оорулары дарыланат. Дарылоо негизинен арашан булак сууларынын ваннасы ж-а ичүү жолу м-н жүргүзүлөт.

САРЫ БАРПЫ (Oriolus oriolus) — таранчылар түркүмүндөгү куш. Түсү сары, канаты кара, ургаачысы ж-а жашы жашыл сымал тартып, төшүндө тактары болот. С. б. Түш.-Батыш Африка, Европа ж-а Азияда таралган. СССРде жазы жалбырактуу ж-а аралаш токойлордо мекендейт. Кырг-ндын бардык токойлуу жеринде кездешкен келгин куш, Африкада кыштайт. Асма уясына 3—5 жумуртка тууйт. С. б. курт-кумурска, чанда жемиши м-н азыктанат. Үнү созуңку, чоордун үнүнө окшош.

САРЫ-БУЛАК — Ысык-Көл обл-нын Түп р-ундагы Сары-Булак айыл советине караштуу кыштак. Карл Маркс атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Түптөн 7 км түн.-батыш тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 180 км. Калкы 3830 (1977). Эки орто мектеп, 2 клуб, 2 китепкана, медпункт бар. 1890-ж. орношкон.

САРЫ-БУЛАК КЕНИ — Ош обл-нын Сузак р-ундагы кварцтуу кум жаткан жер. Жалал-Абад ш-нан 15—18 км түн.-чыгыш тарапта, Фергана тоо тизмегинин батыш капталында. Кенди 1951-ж. «Средазуглегеология» тресti таап (Е. Г. Луговцова) чалгындоо жумуштарын Кыргыз ССР геология башкармасы жүргүзгөн (В. А. Назаров, Х. Мирзакамалов). Кен бор мезгилинде пайда болгон тоо тек катмарынын арасындагы кумдуктун 2 кабатынан турат. Кабаттар түн.-батышка карай 1 км аралыкка созулуп жатат. Кендин эки чети ар кандай калыңдыктагы чопо, мергель, кум м-н жабылып калган. Алдыңкы кабаттын кумунун оңу ак, майда бүртүкчөлүү, начар камдашкан, калың. 25—84 м, составында 90%тейин кварц, 8% талаа шпаттары, калганы слюда. Үстүңкү кум кабатынын оңү кызыл, майда бүртүкчөлүү, начар камдашкан; составындагы талаа шпаты м-н слюда 30%ке чейин, калың. 30—35 м. Астыңкы кабаттын запасы 23 млн м³, үстүңкүсүнүкү 1 млн м³ден ашат. Көп ачык түрдө казылып, Жалал-Абад, Көк-Жаңгак ш-нын курулушуна ж-а жолдорду курууда пайдаланылат.

САРЫ-БЭЭ—Ош обл-нын Совет р-ундагы Капчыгай айыл советине караштуу кыштак. «Кызыл Байрак» к-зунун аймагында. Райондун борбору Кара-Кулжадан 48 км чыгыш тарапта. Кара-Суу т. ж. станциясынан 149 км. Калкы 696 (1979). Орто мектеп, клуб, медпункт бар.

САРЫГ — Чүй өрөөнүндөгү о. кылымга таандык ири шаар урандысы. Азыркы Краснореченка кыш-нын (Ысык-Ата р-ну) аймагында. С. тууралуу алгачкы маалымат араб географтары ибн-Хордадбектин (9-к.) ж-а Кудамининн (10-к.) чыг-ларынан кездешет. Уз. 1500 м, туурасы 800 м. Жалпы аянты 30 м². Айланта чеп м-н курчалган. 1938—40-ж. А. Н. Бернштам, 1954—56 ж-а 1969—70-ж. П. Н. Кожемяко изилдеген.

САРЫГ-ООЛ Степан Агбанович [4(17). 11. 1908, азыркы Тува АССРинин Овюр р-ундагы Торгалыг айыл совети] — тува совет жазуучусу, Тува АССР эл жазуучусу (1973), Тува АССРинин ад-тка ж-а иск-вого эмг. сиң. ишмери (1963). 1929-жылдан Тува эл рев-лчыл партиясынын, 1944-жылдан КПСС мүчөсү. Чыгыш эмгекчилеринин коммунисттик ун-тинен окуган (1930—34). Чыг-лары 1934-жылдан жарыялана баштаган. «Жарык күн» (1944), «Коммунизм оттору» (1962), «Менин Улуг-Хемим» (1967) деген ыр жыйнактары, «Белек» (1943), «„Эртнелиг" колхозу» (1956), «Акылман бала жөнүндө повесть» (1—2-к-п, 1961—66) аттуу повесттери, «Дөөлөттүү өлкөм» (1958), «Турмуш — күрөш» (1965) деген аңгеме жыйнактары бар. Тува тилине А. С. Пушкин, М. Ю. Лермонтов, Н. А. Некрасов, А. П. Чехов ж. б. акын-жазуучулардын чыг-ларын которгон. Тува АССР Жог. Советине (2—3-шайл.) депутат ж-а 1967-жылдан анын Президиумуна мүчө. Үч орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Чогаалдар чыындызы, т. 1—2, Кызыл, 1973 — 74; в рус. пер. — У Саин (Повесть и рассказы), М., 1965; Песня хомуса, Кызыл, 1968; Сары уул баяны, Фр., 1976.

САРЫ ДЕҢИЗ, Хуанхай — Тынч океандагы жартылай туюк деңиз, Азиянын чыгыш жээгинде, Корей ж-а-нын батышында. Аянты 417 миң км², орт. тереңд. 40 м; суусунун орт. көлөмү 17 миң км³. Деңизге Хуанхэ, Ляохэ, Ялуцзян (Амноккан) ж. б. ири дарыялар куят. Түн. ж-а батыш жээктери өөң, чыгышы бийик, аскалуу, булуң-буйткалуу. Ири булундары: Ляодун, Бойайвань (деңиз м-н Бохай ж-а Лаотешань кысыктары аркылуу туташат), Батыш Корей. Түндүктөн түштүктү карай 84—92 мге (түш.-чыгыш четинде 105 мге) чейин тереңдейт. Таманы илээшкекылайдан, кумдан турат. Тузд. 30—34‰. Суткасына 2 жолу ташкындайт. Бийикт. Кореянын жээгинде 9 м, башка райондордо 3—4 м. Балыкка бай. С. д. балык промысели ж-а транспорт б-ча чоң мааниге ээ. Башкы порттору: Кытайда — Циндао, Вэйхай, Иньтай, Тяньцзинь, Инкоу, Люйшунь (Порт-Артур), Далянь (Дальний); Кореяда — Инчхон (Чемульпо).

САРЫ-ДОБО — Ысык-Көл обл-нын Түп р-ундагы Арал айыл советине караштуу кыштак. 22-партсъезд атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Түптөн 15 км чыгыш тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 202 км. Калкы 1156 (1979). Орто мектеп, китепкана, медпункт бар. 1921-ж. орношкон.

САРЫ-ЖАЗ — Борб. Тянь-Шандагы дарыя. Суусунун молдугу жагынан Кырг-нда 2-орунда (Нарындан кийин). Семёнов мөңгүсүнөн башталып, Сары-Жаз өрөөнү аркылуу батыш тарапка агат. Оттук суусу куйгандан кийин түштүккө бурулуп, Борб. Тянь-Шандын ири кырка тоолорун (Сары-Жаз, Эңилчек, Какшаал ж. б.) кесип өтүп, Тарим түздүгүнө чыгат. Мамл. чек арадан ары чатына чейин Ак-Суу деп аталат. Кырг-ндын аймагындагы уз. 197 км, жалпы уз. 282 км; алабынын аянты 12 900 км². Ири куймалары: Эңилчек, Кайыңды, Койкап, Жаман-Суу, Жаңы-Жер (сол), Көолу, Теректи, Үч-Кол, Ак-Шыйрак (оң). Кытайдын аймагында ондон Какшаал, солдон Темир-Суу кошулгандан кийин Жаркент д. м-н биригип, Таримди түзөт. Алабынын 20,4% аянты (2635 км²) мөңгү-муз м-н капталган; эң чоңу — Түш. Эңилчек мөңгүсү (уз. 58,9 км, аянты 613 км²). Жалпы аянты 8,6 км² келген 70тен ашык майда көл бар, ирилери — Мерцбахер (4,5 км²), Балтыр-Бешик (1,2 км²). Негизинен мөңгү, кар сууларынан куралат. Суусу июндун ортосунан августун аягына чейин кирет, февралда тартылат. Жылдык орт. чыгымы 137—140 м³/сек. Суу ташкындагандагы чыгымы болжол м-н (мамл. чек арада) 1000 м³/сек. Гидроэнергия ресурстарына бай, бирок азырынча пайдаланылбайт. Нугунун эңкейиштиги 9—10 мден 25—30 мге чейин болгондуктан агымы өтө ылдам ж-а шар. Алабында Эңилчек, Кургак, Үч-Кошкон ж. б. кыш. бар.

САРЫ-ЖАЗ КЫРКА ТООСУ Борб. Тянь-Шанда, Кан-Теңир тоо тоомунда жайгашкан. *Меридиан кырка тоосундагы* «Мрамор стенасы» чокусунан Сары-Жаз капчагайына чейин созулат. Уз. 113 км, туурасы 16 км, басымдуу бийикт. 4500—5000 м, эң бийик жери 5816 м (Семёнов чокусу). Тарим м-н Балкашка куюучу дарыялардын суу болгучу. Батыш жагы Сары-Жаз сыртын Эңилчек өрөөнүнөн бөлөт. Түн. капталы жантайыңкы келип, бара-бара сырт деңгээлине өтөт. Эңилчек өрөөнүнө караган түш. капталы тик, кокту-колоттуу. С.-Ж. к. т.— Эңилчек антиклинорийинин түн. бөлүгү. Антропогендеги муз кантоолор тоонун көпчүлүк бөлүгүн (кырынан өтөгине чейин) каптап, азыркы рельефинин түзүлүшүнө таасир тийгизген. Чыгыш бөлүгү азыр да мөңгүнүн алдында. Протерозой заманында, кембрий ж-а ордовик мезгилдеринде пайда болгон метаморфизм ж-а чөкмө тоо тектерден (кумдук, конгломерат, аки таш теги, биотит-роговая обманкалуу гнейс, көмүртек-кремнийлүү сланец ж. б.) түзүлгөн. Гранит тектери да кеңири тараган. С.-Ж. к. т. Чаткал-Нарын структура-фациялык тилкесинде жатып, түштүгүнөн Ат-Башы — Эңилчек жаракасы, түндүгүнөн Тянь-Шандын негизги жаракасы м-н чектешет. Кендери: калай, коргошун, шеелит ж. б. Кырка тоодогу мөңгүлөрдүн жалпы аянты 400 км²-дей; эң ирилери: Баянкол, Семёнов, Мушкетов, Түн. Эңилчек ж. б. Түн. капталына альп шалбаасы (дөңсө сырты, өлөң чөп ж. б.), тоо тундрасы (өлөң чөп, байчечекей, дриада), гляциалдык-нивалдык алкактар, түш. капталына кургак талаа ж-а талаа осүмдүктөрү (2800—3000 мге чейин), субальп, альп шалбаалары мүнөздүү (бетеге, ак кылкан, ак шыбак ж. б.).


Ад.: Тимашев Е. В., Материалы к орографии массива Хан-Тенгри, в сб.: Проблемы физической географии, т. 14, М., 1949.

САРЫ-ЖАЗ ӨРӨӨНҮ Борб. Тянь-Шандын түн.-чыгышында. Ак-Суу р-нунун аймагында. Түндүгүнөн Тескей Ала-Тоосу, түштүгүнөн Сары-Жаз кырка тоосу м-н чектешет. Өрөөндүн чыгыш бөлүгүн Адыр-Тор кырка тоосу экиге болот. Батышы Сары-Жаз капчагайына такалат. Аянты 1750 км², уз. 80—85 км, туурасы 20—25 км. Таманынын деңиз деңг. бийикт. 3000—3300 м. Өрөөндүн түн. капталы жапыз (салыштырма бийикт. 500—700 м), түштүгү 1500—2000 м. Байыркы убөлөнүү процессинде тегиздөлгөн сырт рельефи басымдуу. Антропогендеги муз каптоонун издери, неогендик рельеф жакшы сакталган. Өрөөндө палеоген, неоген мезгилдеринде пайда болгон кызыл түстүү кумдук, чопо, конгломерат чөкмө тектери, антропогендин мөңгү-суу ж-а аллювий чөкмөлөрү жатат. Негизги структурасы — Кайыңды, Туура-Кайың антиклиналдары. Өрөөндө чопо, кум, шагыл ж. б. курулуш материалдарынын кендери бар. Климаты татаал, кескин континенттик. Январдын орт. темп-расы —20°С...—22°С, июлдуку 4—5°С. Жылдык жаан-чачыны 500—1000 мм. Аянтынын 21%ин (370 км²) мөңгү ээлейт. Өрөөн аркылуу аккан Сары-Жаз суусу жазылыгы 500—700 м болгон жайылманы пайда кылат. Өсүмдүгү ж-а топурагы *бийиктик алкактуулук* б-ча жайгашкан. Таманынан 3500—3600 мге чейин альп (дөңсө сырты, өлөң чөп, күңгөй беттеринде бетеге, тоо куйрук, караган ж. б.), 3700—3900 м бийикте тоо тундра, андан жогору гляциалдык-нивалдык алкактар жатат. Негизинен кышкы жайытка пайдаланылат. Өрөөндө Эңилчек кыш. бар.

Ад.: Каталог ледников СССР. Ресурсы поверхностных вод СССР, т. 14, Средняя Азия, в. 2, ч. 8, Киргизия, Л., 1977.

САРЫ-ЖӨН КӨРҮСТӨНҮ Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү Бала-Чычкан суусунун сол жээгиндеги бийик тектирчеде. Жети чоң дөбө. Б. з. ч. 6—5-к-да жашаган сак урууларына таандык. Көпчүлүгүнүн диаметри 23—35 м, бийикт. 3—7 м. С.-Ж. к-н 1970-ж. Ы. Кожомбердиев изилдеген. Андан карапа идиштер, мончоктор, алтын кацылтырлардан жасалган буюмдар табылган. Акак таш чөгөрүлүп, *айбанаттар стилинде* жасалган эки шумкардын солокотү сактардын иск-восун изилдөөдө чоң кызыгууну туудурат.

САРЫ ЖЫЛАН (Ophisaurus apodus) — жылан кескелдириктер тукумундагы бутсуз кескелдирик. Уз. 1,5 мге жетет. Өңү саргыч же кызгылт күрөң. Түн.-Чыгыш Европада, Азияда (СССРде — Крым, Кавказ ж-а Кырг-нда) кездешет. Жыш оскон өсүмдүктөрдүн арасында ж. б. жерлерде жашайт. Моллюска ж. б. а. ч-на аянч келтирүүчү курт-кумурска м-н азыктанып, пайда келтирет.



САРЫ-ПИМЕК — Нарын обл-нын Ат-Башы р-ундагы суу, Терек суусунун (Какшаалдын алабы) сол куймасы. Какшаал тоо тизмегинин түн. капталынан башталып, кууш өрөөн аркылуу түндүккө, 15 кмден кийин түн.-чыгышка агат. Уз. 47 км, алабынын аянты 125 км². Ортоңку агымынан төмөнүрөөк (30 км аралыкта) жерге сиңип кетет да, 3—5 кмден кийин кайра чыгат. Негизинен кар, булак сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 1,23 м³/сек. Май айында кирип, сентябрда тартылат.

САРЫК (өсүмдүктө) — көбүнчө микоплазма сымал организмдер тобундагы козгогучтар ж-а вирустар пайда кылуучу өсүмдүк илдети. Ал астра, сельдерей, шабдалы С-ы, дельфиниум-



К. Сарыкулаков.

дун жез кемпир шыпыргысы, картошканын кочкул учу, столбур деген ат м-н белгилүү. Илдетке чалдыккан өсүмдүк кидик болуп, сабагына майда бүчүр арбын чыгат. С. картошка, беде, пияз, сабиз, гүл өсүмдүктөрүн ж. б-ны түнчүтөт. Илдетти чырылдак, чоң бити таратат. С. көк массанын, мөмөнүн, уругун түшүмдүүлүгүн азайтып, гүл өсүмдүктөрүнүн сыпатын кетирет. Мите козу карын пайда кылуучу өсүмдүк С-ы да белгилүү (мис., капуста С-ы). Мындай өсүмдүк саргайып, жалбырагы солуйт ж-а эрте куурайт. Күрөшүү чарасы: которуштуруп эгүү, илдеттүү өсүмдүктөрдү, отоо чөптөрдү ж-а илдет тараткычтарды жок кылуу.

Лит.: Рыжков В. Л., Проценко А. Е., Атлас вирусных болезней растений, М., 1968.

САРЫ-КАМЫШ — Ош обл-нын Жаңы-Жол р-ндагы Жаңы-Жол айыл советине караштуу кыштак. «Жаңы-Жол» с-зунун аймагында. Райондун борбору Карабалтадан 35 *км* түн.-чыгыш таранта. Шамалды-Сай т. ж. станциясынан 140 *км*. Калкы 981 (1976). Башталгыч мектеп бар. 1909-ж. орношкон.

САРЫ-КАМЫШ — Ош обл-нын Совет р-ндагы Кара-Кулжа айыл советине караштуу кыштак. «Совет» с-зунун аймагында. Тар суусунун жээгинде. Райондун борбору Кара-Кулжадан 7 *км* түш.-батыш таранта. Кара-Суу т. ж. станциясынан 73 *км*. Калкы 1270 (1979). Сегиз жылдык мектеп, китепкана, медпункт бар. 1903-ж. орношкон.

САРЫ-КАМЫШ — Ысык-Көл обл-нын Ак-Суу р-ндагы Кереге-Таш айыл советине караштуу кыштак. «Ысык-Көл» с-зунун аймагында. Райондун борбору Теплоключенкадан (Ак-Суу) 6 *км* чыгыш таранта. Рыбачье т. ж. станциясынан 238 *км*. Пржевальск ш-нан 14 *км*. Калкы 1323 (1979). Орто мектеп, китепкана, медпункт бар.


САРЫ-КАМЫШ — Ысык-Көл обл-нын Ысык-Көл р-ндагы Тору-Айгыр айыл советине караштуу кыштак. Фрунзе атн. с-здун аймагында. Райондун борбору Чолпон-Ата ш-нан 71 *км* батыш таранта, Рыбачье т. ж. станциясынан 9 *км*. Калкы 884 (1979). Сегиз жылдык мектеп, клуб, китепкана, фельдшер-акушердик пункт бар.

САРЫ-КАМЫШ ГАЗ КЕНИ — Ош обл-ндагы күйүүчү табигый газ чыгуучу жер. Фергана ш-нан 18 *км* түш.-батыш таранта. Фрунзе р-нунун аймагында. Кен 1955-ж. «Кыргызнефть» ондурүштүк бирикмеси бул аймакта бургулоо жумушун жүргүзүдө ачылган. Кен мезозой ж-а кайнозой заманларында пайда болгон чөкмө тоо тектерден түзүлгөн Сары-Камыш *антиклиналь* түзүлүшүнөн орун алган. Газ бор ж-а юра мезгилдеринин көмүрсүз геол. свиталарындагы кумдуктардан турган кабатчаларда топтолгон. Газдуу кабатчалардын калың. 5—7 *м*ге чейин. Составында метан 83,3%, этан 6,6%, пропан 2,7%, бутан 0,5%, пентан м-н жог. сапаттагы газ 0,8%, CO_2 — 0,4%, N_2O — 5,7%. Газдын салышт. салм. 0,592—0,653, күйүүдөгү жылуулук берүү энергиясы 7000—8500 *ккал/м*³. Чалгындалган жалпы запасы 743 млн *м*³. Кенден алынган газ жерг. керектөөгө жумшалат.

Лит.: Васильев В. Г. [и др.], Газовые месторождения СССР. Справочник, М., 1968.

САРЫ-КАМЫШ КЫРКА ТООСУ *Ички Тянь-Шанда,* Суусамыр кырка тоосунун чыгыш бөлүгүндө, Көбүк-Суу м-н Көкөмерен сууларынын ортосунда жайгашкан. Уз. 38 *км*, туурасы 20—23 *км*. Басымдуу бийик. 3800—3900 *м*, эң бийик жери 4042 *м* (борб. бөлүгүндө). Тоого бетеге, ак кылкан, боз шыбактуу кургак талаа ж-а бетеге, түркүн чөптүү талаа (1750—2600 *м*), субальп шалбаалуу талаа, доңуз сыртуу альп шалбаасы ж-а доңуз сырт бетегелүү шалбаа (3000—3700 *м*), гляциалдык-нивалдык (3400—3500 *м*ден жогору) ландшафт алкактары мүнөздүү.

САРЫ-КАМЫШ ЧАЛДЫБАРЫ — 13—14-к-дагы кербен сарайдын калдыгы. Ысык-Көл р-ндагы Сары-Камыш кыш-нын аймагында. Рыбачье ш-нан



Сары-Камыш чалдыбары. Кербен сарайдын калдыгы.

9 *км* чыгыш таранта. Жалпы түзүлүшү тик бурч формада, аянты 32×40 *м*. Дубалы бышырылган кыштан. Кербен сарайдын чыгыш жагында кооздолгон кире берише, ортосунда эшиги, бурчтарында баганалары болгон. Портал ж-а баганалары оймо-чиймелүү кыштар м-н кооздолгон. Архялык кавуу убагында чалдыбардан турак жай калдыктары, карапа идиштер ж-а мал сөөктөрү табылган.

САРЫ-КАМЫШ ЧУҢКУРДУГУ — О. Азиядагы чөлдүү туюк ойдун. Кара-Кум чөлү м-н Үстүрт платосунун аралыгында (Түркмөн ССРинде ж-а Каракалпак АССРинин түн.-батышында) жайгашкан. Уз. 125 *км*, туурасы 90 *км*. Эң чуңкур жери деңиз деңг. 38 *м* төмөн. Борб. бөлүгүндө туздуу Сары-Камыш көлдөрү жайгашкан.


САРЫКАНДЫ — Ош обл-нын Ноокат р-ндагы Кызыл-Октябрь айыл советине караштуу кыштак. «Көк-Жар» с-зунун аймагында. Найман суу сактагычынын түштүгүндө. Райондун борбору Эски-Ноокаттан 30 *км* батыш тарапта. Кызыл-Кыя т. ж. станциясынан 25 *км*. Калкы 1327 (1979). Башталгыч мектеп, оорукана бар.

САРЫ КАР — жаз алдында жааган нымдуу кар. Ал айрым учурда жамгыр аралаш жаайт. С. к. негизинен нымдуу жылуу аба м-н нымдуу муздак аба кездешкен тилкеде, жылуу аймактын үстүнө өтө нымдуу муздак аба келгенде пайда болот.

САРЫКОЛ КЫРКА ТООСУ Чыгыш Памирде, СССР (Тажик ССРиндеги Тоолуу Бадакшан обл.) м-н Кытайдын чек арасында. Тарым д., Кара-Көл ж-а Аму-Дарыя алаптарынын суу бөлгүчү. Түндүктөн түштүккө 350 *км* аралыкта созулуп жатат. Бийикт. 6351 *м* (Ляпирдыр чокусу). Негизинен гранитоид ж-а кристаллдык сланец тоо тектеринен түзүлгөн. Түн. бөлүгүндө мөңгү көп (СССРдин аймагында жалпы аянты 143,8 *км*²). Капталдарынын төмөнкү бөлүктөрүндө бийик тоолуу суук чөл өсүмдүктөрү өсөт.

САРЫКУЛАКОВ Кожомурат [10. 2. 1892, Жети-Суу обл., Пишпек у., Узун-Кыр болушу (азыркы Кант р-ну, Ленин атн. к-з) — 11. 10. 1918, Пишпек ш.] — большевик, Кырг-нда Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн активдүү күрөшүүчү. Кедей дыйкан үй-бүлөсүнөн. С. 1911-ж. Верный гимназиясын күмүш медаль м-н бүтүргөн. 1911—13-ж. Киевдеги Ыйык Владимир ун-тинин медицина, 1914—17-ж. Казан ун-тинин укук ф-тетеринде окуган. Россиядагы Февраль бурж.-демокр. рев-ясынан (1917) кийин Пишпекке келип, *«Букара» союзуна* кирип, анын уюштуруу съездинде (9. 9. 1917) союздун пред-лдигине шайланган.

САРЫКУНАН (оз аты-жөнү — Сагынбек Дыйканбаев; 1905, Чүй өрөөнү, Ак-Чий кыш.— 30. 10. 1970, Фрунзе; Токтогул р-ндагы Бөкөмбаев кыш-на коюлган) — кыргыз ырчысы, кенже эпостор м-н элдик поэмаларды аткаруучу. Теги — кедей. Энеси өлөчү, казак кызы болгон. С. ата-энеден эрте жетим калып, кадимки Өзбек манаптын небереси Тудугучбайдын балдарын багып, анын чайчысы, ат токуруу болуп чоңойгон. Ырчылык шыгы ойгонушуна Калыкка жолугуп, анын бир ашта кошкон кошокторун ж-а 1922-ж. Чүйдө «Союз кошчунун» тоюнда ырдаган ырларын угушу чоң таасир берген. Он тогуз жашында Жумгалга барып, Калыктан эки жылдай таалим алган. Сары чийкил жигит болгондуктан ага С. С-дын түрлөрү келгин куштарга кирет. Даракта, жарда уялап, 2—5 жу-



Сарылар: *1*—кадимки сары; *2*—ак сары.

муртка тууйт. Курт-кумурска, майда омурткалуулар ж. б. м-н азыктанат.

САРЫЛАР (1978-жылдан — Кум-Арык) — Ош обл-нын Кара-Суу р-ндагы Жоош айыл советине караштуу кыштак. Кырг-н пахта тажрыйба станциясынын борбору. Райондун борбору ж-а т. ж. станциясы Кара-Суу ш-нан 10 *км* түш. таранта. Калкы 1009 (1978). Орто мектеп, мад-т үйү, ооруканa, китепкана, үй тиричилик комбинаты бар. Улуу Ата Мек. согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

САРЫ МАЙ — жуулган (чалган) майды же каймакты сызгырып, чөгөгосүнөн бөлүнүп алынган сүт майы. С. м-да каймактын составындагы фосфатид, белок, сүт канты ж-а түрдүү витаминдер болуп, сүт майынын 99% С. м-га өтөт.

САРЫМСАК (Allium sativum) — лилиялар тукумуна кирүүчү пиязлар уруусундагы көп жылдык өсүмдүк. Жапайы түрү Европа м-н Азияда, эгилмеси бардык жерде өсөт. С. жөнөкөй ж-а сабактама, айрым түрү чала сабактама, күздүк ж-а жаздык болуп болүнөт. С. жалпак, ичке, узун жалбырактуу. Күздүк С. жаздык С-ка караганда түшүмдүү, бирок узакка сакталбайт. Жаздыгы жакы түшүмгө чейин сакталат. С-тын түбү 2—50 үлүштөн турат да, ар бири өзүнчө кургак, катуу кабыкча м-н капталат. Эгилме С. урук бербейт. Топ гүлүндө 60тан 450гө чейин майда жеңил бүрү болот да, ал ачылганга чейин



Сарымсак: *1* — топ гүлү; *2*, *3* — түбү.

курган калат. С-тын түбү ж-а жалбырагы тамак-ашка, кулинарияда, консерва жасоодо кеңири колдонулат. С-та 35—42% кургак зат, 6,0—7,9% белок, 7,0—28,0 *мг*% С витамини, 0,5% кант, 20—27% полисахарид бар. Составында эфир майы болгондуктан ачуу даамдуу ж-а өзгөчө жыттуу. Эфир майындагы фитонциди микробдорду өлтүрөт. Фармакологияда колдонулат. СССРде 20 сорту айдалат, 1 *га* жерден 50—80 *ц*, Кырг-нда Чүй өрөөнүндө, Ош, Ысык-Көл обл-тарынын чарбаларында эгилип, гектарынан 4—5 *т* түшүм алынат. Зыянкечи — сабактама нематода. 2) пияз сыяктуу жапайы өсүмдүк айрым жерде С. делет.

Лит.: Кузнецов А. В., Чеснок культурный. М., 1954.

САРЫМСАКОВА Лютфи (26. 4. 1896-ж. т., азыркы Фергана обл., Ак-Жер кыш.)—өзбек совет артисти. СССР эл арт. (1967). 1944-жылдан КПСС мүчөсү. 1925-жылдан Кокон, Анжиян, Фергана театрларында, 1934—39-ж. Өзбек муз. театр труппасында, 1941—73-ж. Мукими атн. Өзбек муз. театрында (Ташкен) иштеген. Балдарынын бактысы үчүн күрөшкөн энелердин мыкты образын түзгөн. Негизги ролдору: Кимё (К. Яшен, «Нурхон»), Ширин (Ш. Хуршид, «Фархад менен Ширин»), Майсара (Хамза, «Майсаранын жоруктары») ж. б. Кинодогу ролдору: «Эмирликтин кыйрашы» (1955), «Сен жетим эмессиң» (1962) ж. б. Өзбек ССР Жог. Советинe (5—6-шайл.) депутат. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, Эл Достугу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

САРЫ ӨЗӨК, лимфангит, лимфангоит — лимфа тамырынын сезгениши. С. ө. терининн ж-а былжыр челдин сезгенишинен да болушу мүмкүн. Дарт козгогуч—стрептококк, стафилококк, ичеги микробдору (таякчасы) ж. б. сезгенич жер аркылуу лимфа тамырына кирет да, тамырды жаралантып, приндетет. Фибрин тамырды бүтөп, лимфанын жүрүшүн токтотот. Териге ичке кызыл жик түшөт. Айрым түрүндө сезгенген жер бөртөнүп, ооруксунтат. Дене ысып, шайы кетет. С. ө. өнөкөт түрүндө лимфа тамыры бүтөлүп, шишийт. Дарылоо: оорунун алгачкы себептерин жок кылуу, кабылдаган жерди тыныктыруу, физиотерапиялык процедуралар, компресстер, антибиотиктер. Өнөкөт түрүндө — физиотерапия, батжак жабуу, рентгентерапия. Профилактика: сезгенген, травмага ж. б. дуушар болгон жерди кечиктирбей дарылоо.

САРЫ РАСА, к. *Монгол расасы.*

«САРЫ СЕЛДЕЧЕНДЕР» КӨТӨРҮЛҮШҮҮ — Кытайдагы дыйкандардын козголоңу (184—204). Көтөрүлүшчүлөр башына сары селде чалып алгандыктан ушундай аталган. Көтөрүлүштү даос идеясын таратуучу Чжан Цзяо жетектеген. Ал Хань династиясын кулатып, «улуу жыргалчылыкка» (теңдикке) негизделген бийлик орнотууга чакырган. Чжан Цзяо ж-а аны жактоочулар 10 жыл бою эл арасын-

деген атты ошондо Калык койгон. 1925-ж. Калык аркылуу Суусамырдан Токтогул м-н Курман ырчыга жолугуп, алар тарабынан ырчылык жөндөмү жогору бааланган. 1932-ж. театрга өтүп, кайра аны бат эле таштап кеткен. Чүйдө, Кетмен-Төбө, Үч-Терек р-ндорунда айыл советтин төрагалык кызматында, соода ж. б. иштерде жүрүп, пенсияга чыккан. Театрдан кеткенден тартып ар кандай сөбептер м-н 31 жыл ырдабай жүрүп, кийин Токтогулдун 100 жылдык тоюнда жарчы болуп, концерттик программаны ачкан. Анын репертуарында Калыктан үйрөнгөн «Курманбек», «Жаныш-Байыш», «Кедейкан», «Карагул ботом», «Ак Мөөр» дастандары ж-а өзүнүн алым сабак мүнөздөгү «Үч жигит», «Калык менен учурашуу» ж-а Токтогулдун 100 жылдыгында ырдаган көлөмдүү ырлары ж. б. чыг-лар болгон. Комуз м-н коштоп аткарган айрым чыг-ларын радио, телекөрсөтүүгө ж-а граммофон табагына жазылган.

Лит.: Абдыракунов Т., Калыктын шакирти. «Ала-Тоо», 1971, № 11.

САРЫ КЫЧЫ (Barbarea) — кайчылаш гүлдүүлөр тукумундагы эки же көп жылдык өсүмдүк. Гүлү сары, уругу



Кадимки сары кычы: *1*— өсүмдүгү; *2*— машагы.

4 кыр сагакта. 20ча түрү Түн. жарым шарда белгилүү. СССРде 9 түрү өсөт. Көп таралганы — кадимки кычы ж-а дого сымал кычы. Талаада, огороддо, бакчада, шалбаада, жол боюнда ж-а суу жээгинде отоо чөп катары өсөт. Уругу коркунучтуу уу. С. к-ның жаш жалбырагы салат үчүн пайдаланылат. Гүлү балдуу өсүмдүк. Айрым түрү Батыш Европада салат үчүн атайы эгилет.

САРЫЛАР (Buteo) — куштардын туйгундар тукумундагы уруусу. Уз. 38—66 *см*. Жазы канаттары ж-а куйругунун жардамы м-н азыгын изеп, узак аралыкка чейин уча алат. Жону бир түстүү (агыш, сары же боз), боору төмгилдүү же жол-жолу бар. Европа, Африка, Америкада 25 түрү таралган. СССРдеги 4 түрү токой же токой талаа зонасында, тундрада, чөлдө, Борб. Азияның бөксө тоолуу талааларында ж-а Тянь-Шандын сырттарында жашайт. Түндүктө жашаган

да рев-ячыл идея таратып, округдарда аскер уюмдар м-н отряддарды түзгөн. Кыска мөөнөттө көтөрүлүшчүлөр өлкөнүн басымдуу бөлүгүн ээлеген. Өкмөт көтөрүлүштү аёосуз баскан. Аман калгандар «Кара тоо» (Хейшань деген жердин атынан) көтөрүлүшчүлөрүнө бириккен. «С. с.» к. 205-ж. гана биротоло басылган. Көтөрүлүш Хань династиясынын кулашына оболгу түзүп, дыйкандар абалын убактылуу жеңилдеткен.

САРЫ-СУУ — Казак ССРиндеги (Жезказган ж-а Кызыл-Ордо обл-тарындагы) дарыя. Уз. 671 *км*, алабынын аянты 81600 *км*². Жаман-Сары-Суу ж-а Жакшы-Сары-Суу сууларынын кошулушынан пайда болуп, Казак Сары-Арка дөңсөөлөрү ж-а Бетпак-Талаа чөлү аркылуу агат. Кар сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы чатынан 382 *км* жогору 7,3 *м*³/*сек*. С.-С. өнөр жай ишканаларын суу м-н камсыз кылат ж-а сугатка пайдаланылат.

САРЫ-ТАЛАА — Ош обл-нын Ала-Бука р-нундагы Ала-Бука айыл советине караштуу кыштак. «Бирлик» с-зунун аймагында. Райондун борбору Ала-Букадан 3 *км* түн. тарапта. Намангап т. ж. станциясынан 68 *км*. Калкы 1862 (1979). Орто мектеп, китепкана бар.

САРЫ-ТАЛАА — Ош обл-нын Баткен р-нундагы Дара айыл советине караштуу кыштак. Фрунзе атн. с-здун аймагында. Сох суусунун оң жээгинде, жайгашкан. Райондун борбору Баткенден 80 *км* түн. тарапта. Исфара т. ж. станциясынан (Тажик ССРи) 122 *км*. Калкы 345 (1979).

САРЫ-ТАШ — Ош обл-нын Алай р-нундагы Сары-Таш поссоветине караштуу ш. т. посёлка. Ош — Хорог автомобиль жолунун боюнда. Райондун борбору Гүлчөдөн 103 *км* түш. тарапта. Ош ш-нан 198 *км*. Калкы 950 (1976). Орто мектеп, китепкана, клуб, оорукана бар. 1950-ж. орношкон.

САРЫ-ТОЛОГОЙ—Ысык-Көл обл-нын Түп р-нундагы Санташ айыл советине караштуу кыштак. «Санташ» с-зунун аймагында. Райондун борбору Түптөн 75 *км* чыгыш тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 262 *км*. Калкы 924 (1979). Сегиз жылдык мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

САРЫ ТОПУРАК — жазы жалбыракту токой өскөн нымдуу субтропик алкактарындагы топурак. Көбүнчө метаморфизмделген сланец тектеринин үбөлөнүүсүнөн пайда болот. Кычкыл реакциялуу, гумусу аз. Составында темирдин кычкыл гидраты арбын болгондуктан түсү сары. Топурак кабатынын жалпы калың. 30—70 *мге* чейин. С. т. Кытайда, АКШнын түштүгүндө, Австралиянын түш.-чыгышында, Жаңы Зеландияда, Батыш Грузияда, Ленкоран ойдуңунда (Азерб. ССРи) кеңири тараган.

САРЫ ЧАЙ ЧӨПТӨР (Hypericaceae) — эки үлүштүү өсүмдүктөрдүн тукуму. Дарак, бадал, жарым бадал ж-а чөп, көбүнчө лианалар. Жалбырагы карама-каршы же тегерек жайгашкан. Жалбырак колтугундагы гүлү 2 жыныстуу, туура түзүлүштүү, гүл коргону 4—5 мүчөлүү, аталыгы көп. Мөмөсү кутуча же жемиш сымал. Тропик, субтропик, көбүнчө мелүүн областтарда 360ка жакын түр таралган. СССРде 2 уруунун (Кыргызда 1 уруунун 5 түрү) өкүлдөрү өсөт. Көзөнөктүү С. ч. ч. медицинада колдонулат, айрым түрлөрү кооздук үчүн өстүрүлөт.

САРЫ-ЧАТ ОРООНУ *Борбордук Тянь-Шанда*, Тескей Ала-Тоо м-н Ак-Шыйрак тоо массивинин ортосунда, деңиз деңг. 3000 *м* бийиктө жайгашкан. Уз. 52 *км*. Өрөөндүн баш жагы жайыгыраак (3—5 *км*), чыгышты карай куштап, түбү тереңдейт. Тоо капталдары тик болуп, Сары-Төр суусу кошулгандан кийин капчыгай кебетеленип кетет. Таманында чакан жапыз тектирлер бар. Өрөөн аркылуу терең сай м-н Сары-Чат суусу агат; ири куймалары: Орой-Суу, Туура-Булак, Сары-Төр, Чомой, Борок. Климаты континенттик, июлдун орт. темп-расы 16°С, кышы суук (январдыкы —21,9°С) болот. Суу баштарында жалпы аянты 195,5 *км*²ге жеткен 88 мөңгү бар: эң ириси—*Колпаковский мөңгүсү*. Жаанчачын аз (жылдык жаан-чачыны 400 *мм*) жаагандыктан өрөөндө боз шыбак-бетегелүү кургак талаа ландшафттары кеңири таралган. Тоо капталдарында (3800—3850 *м*ден жогору) шалбаалуу талаа, муздак, чөл, бийик ж-а тайпак тоо жондорунда тундра алкактары орун алган. Жаныбарлары: аркар, тоо эчки, илбирс, суур, коён, ач күзөн ж. б. Өрөөндө Жети-Өгүз р-нунун малы кыштайт.


Ад.: Байгуттиев С. В., Сарычатская долина. «Изв. Всесоюзного Географического общества», т. 93, в. 6, 1961; Азыкова З. К., Ландшафты центральной части Тянь-Шаня на примере бассейна реки Сары-Чат, «Изв. АН Кирг. ССР», в. 10, 1960.

САРЫ-ЧЕЛЕК — Ош обл-нын Жаңы-Жол р-нундагы кооз жер. *Чаткал кырка тоосу* м-н *Ат-Ойнок кырка тоосу* бириккен жердеги Сары-Челек көлүнүн айланасы. Райондун борбору Караванданн 50 *км* түн.-чыгыш тарапта. Таш-Көмүр ш-нан 65 *км*. Чыгышынан Кара-Суу, батышынан Афлатун өрөөндөрү, түштүгүнөн Аркыт м-н чектешет. Аянты 130 *км*². Уз. 19 *км* (түш.-батышынан түш.-чыгышка карай Кожо-Ата, Сары-Челек сууларынын кошулган жерине чейин), туурасы 8—10 *км*. Аймагында 2000—3500 *м* бийиктиктеги тоолор басымдуу. Сары-Челек суусунун башында Чаткал кырка тоосунун айрым чоңдуктары 4200 *мге* чейин көтөрүлөт. Рельефине терең өрөөндөр, капчыгайлар м-н тилмеленген тоолор, тик капталдар мүнөздүү. Жалама зоолор, оркойгон аскалар, шагылдуу беттер да бар. Сары-Челек көлүнүн түш. жагындагы жапыз доболор «Тоскоол» деп аталат; алардын арасындагы чуңкурларында 6 майда карстык көл бар; ирилери: Кылаа-Көл, Ийри-Көл. Түш. (Аркыт) тарабында тоо капталдары жантайыңкы, анча тилмеленбеген. Климаты мелүүн континенттик; кышы өтө суук эмес, жайы салкын. Абанын жылдык орт. темп-расы 8,7°С, жылдык жаан-чачыны 1000 *ммге* жетет. Ири суулары: Сары-Челек, Кожо-Ата ж. б. Күрөң тоо токой топурагы мүнөздүү. Сары-Челек көлүн курчаган тоолордун тескей беттериндеги карагай, пихта, арча токою, аларга аралаш оскон бадалдуу чөлөр, көк шибердүү жайыктар, шалбаа, аркайган аскалар шагылдуу беттер м-н кезектешип, көлдүн көркүн ашырып турат. С.-Ч-тин түн. жагы Чаткал кырка тоосунун түш. капталдарында субальп бадал-шалбаалуу, альп ивалдык алкактарында жатса, түш. жагын карагай-пихта токойлуу-бадал чөрдүү, бийик чөптүү шалбаа ландшафттары ээлейт. Жапайы жаңгак-мөмө жемиш токою (жаңгак, алма, алмурут, алча, бадам, жапайы жүзүм, ак чечек, карагай, кайың, четин, ит мурун, долоно, бору карагат, бүлдүркөн, чие, мисте ж. б.) кеңири тараган. Жаңгак токою — торгой флорасынын реликти (б. а. палеоген мезгилинен тартып сакталып келе жаткан калдык). С.-Ч-тн сүт эмүүчүлөрдүн (элик, тоо эчки, аркар, доңуз, зубр, асыл бугу, кашкулак, түлкү, суур, чүткөр, савчы куну ж. б.) 30дан, канаттуулардын (улар, кекилик, чил, кыргоол, көгүчкөн, каз, өрдөк ж. б.) 150дөн ашык түрү мекендейт. С.-Ч-тин токоюнан жаңгак, алма, алча, өрүк, мисте ж. б. жыйналат. 1959-ж. *Сары-Челек коругу* уюшулган. Туризм өнүккөн.

Ад.: Алиев З., Байгуттиев С., Түштүк Кыргызстандын жаратылышы, Фр., 1972; Плодовые леса Южной Киргизии и их использование, М.—Л., 1949; Виноградов Н., Чичкин Ю., Сары-Челекский заповедник, в сб.: Любите, охраняйте природу Киргизии, в. 5, Фр., 1968.

САРЫ-ЧЕЛЕК КОРУГУ Кыргыздын Чаткал ж-а Ат-Ойнок тоо кыркаларында жайгашкан. Аянты 23,9 миң *га* (1976). Деңиз деңгээлинен эң төмөн жери 1200 *м*, эң бийик жери — 4247 *м* (Муз-Төр чокусу). Түш. Кыргыздагы момо-жаңгактуу табигый токой комплексин сактоо максатында

Сары-Челек көлүнүн айланасы.






мамл. корук катары 1959-ж. түзүлгөн. Чаткал ж-а Ат-Ойнок тоо кыркалары түндүктөн ж-а түн.-батыштан келген суукту, о. эле жайкысын ысыкты тосуп, мелүүн климатты пайда кылат. Кар калың түшүп, жаанчачындуу келет. С.-Ч. к. — дүйнөдөгү эң кооз жердин бири. Анда дарактын 32, бадалдын 80, чөп өсүмдүгүнүн 886 түрү кездешет. Негизги белүгүн жаңгак токою ээлейт. Ал 1,5 миң *га* жерде өсүп, 90 *га* чейин түшүм жыйналат. Бал челек коюлуп, бал тартылат. Коруктa алма (400 *га*), алча (44 *га*), алмурут, мисте, долоно, карагат, арча, карагай, терек, кайың, четин, балгын, көк карагай ж. б. өсөт. Корук жаныбарлар дүйнөсүнө да бай. Анда сүт эмүүчүлөрдүн 38, канаттуулардын 157 түрү жашайт. Доңуз, аюу, элик, илбирс, сүлөөсүн, тоо эчки, чүткөр, кашкулак, суур, коён ж. б-лар илгертен бери эле мекендесе, дүйнөдө сейрек кездешчү зубр, о. эле багыш (Балтика боюндагы респ-калардан), бугу (Каз-ндан); куну айбанаттардан ондатра, суусар, америка суу күзөнү байырлаштырылган. Канаттуулардан улар, кекилик, кыргоол, көгүчкөн, чил, бүркүт, шумкар, ителги ж. б. кездешет. Токоюнда булбул көп. Коруктун аймагында 7 көл бар, эң чоңу — Сары-Челек. Коруктун табигый комплексин коргоо ж-а аны калыптандыруу максатында токойчулук, ил. ж-а тажрыйба-өндүрүштүк болүмдөр иштейт, аны СССР а. ч. мин-восунун токойчулук ж-а корук коргоо б-ча башкы башкармасы тейлейт. Коруктa жог. окуу жайлардын студенттери практика өткөрүп, ил. кызматкерлер кызыктуу материалдарды жыйнайт. Коруктагы табият музейинде өсүмдүктөрдүн ж-а айбанаттардын дээрлик бүт коллекциясы жыйналган. Корук «...Эмгек жыйнагын» чыгарат. Тажрыйба алмашуу претинде 1963-ж. Индияның, 1977-ж. АКШның биолог-ботаник өкүлдөрү коруктун иши м-н таанышышкан.

Ад.: Заповедники Советского Союза, под ред. А. Г. Банникова, М., 1969.

САРЫ-ЧЕЛЕК КӨЛҮ Ош обл-ндагы Жаңы-Жол р-нунун аймагында. Чаткал кырка тоосуна Ат-Ойнок кырка тоосу такалган жерде, Кожо-Ата суусунун алабында жайгашкан. Деңиз деңг. 1878 *м* бийиктикте. Уз. 7,5 *км*, орт. жазылыгы 650 *м* (эң жазы жери 2280 *м*), куюш жери 300 *м*. Аянты 4,92 *км*². Орт. терең. 98 *м* (эң терең жери 234 *м*). Терендиги б-ча Кыргызда 2-орунда (Ысык-Көлдөн кийин). Жээги көбүнчө тик, жардуу, булуң-буйткалуу. Булуң-буйткалуулук коэффициенти 2,3. Суунун тунуктугу 16 *м*. С.-Ч. к. жер титирегенде эбегейсиз чоң жер көчкү өрөөндүн таманын бөгөп калышынан пайда болгон. Ошондуктан көлдүн формасы тоо өрөөнүнүн формасын кайталап узатасынан жатат. Көлгө Сары-Челек суусу куят. Чыгымы: жайында 1—3 *м*³/*сек*, кышында 0,6 *м*³/*сек*. Көлдөн Тоскоол суусу (Кожо-Ата суусунун куймасы) агып чыгат. Чыгымы жайында 3—4 *м*³/*сек*. Көл түбүндөгү тектоникалык жаракалардан булактар чыгат. Эң жог. деңгээли майдын аягында, эң төмөнкүсү декабрда байкалат да, экөөнүн айырмасы 40—50 *см*ден аспайт. Кириш-чыгыш балансынын колому 2 млн *м*³. Эң жог. темп-ра (19,8°С) августтун аягында, эң төмөнкүсү (0°С) февралда байкалат. Декабрда тоңуп, апрелде ачылат. Түбүнөн көшүлган жер астындагы суулардын темп-расы жогору болгондуктан кышында түбүндөгү темп-ра 5°Сден төмөн түшпөйт. Хим. составы суунун үстүңкү бетинен түбүнө карай минералдык туздардын көбөйүшү (200 *мг*/*л*ден 500 *мг*/*л*ге чейин) м-н мүнөздөлөт. Негизги аниондору CO_3, SO_4, катиондору Cu, Mg; 100 *м* терендиктен кийин күкүрттүү суутектин (H_2S) сасык жыты байкалат. Бир *л* суудагы минералдуу калдыктардын орт. саны 280 *мг*. Көлдү курчаган тоолор (Чаткал, Ат-Ойнок ж. б.) негизинен палеозойдук акиташ, сланец ж. б. чокмө тектерден турат. Байламтадагы майда доболордун арасында бир канча майда көл (Кылаа-Көл, Ийри-Көл, Бакалуу-Көл ж. б.) бар. С.-Ч. к-нүн айланасындагы тоонун капталдары карагай, арча, жаңгак, пихта ж. б. м-н капталган. Жогору жагында шалбаа, тоонун эң бийик чокуларында нивал зонасы жайгашкан. Көлгө сазан, карп, канылтыр ж-а ондатра коё берилген. Келгин куштар көп. С.-Ч. к-нүн айланасындагы жердин кооздугун, табигый шартынын ар түрдүүлүгүн, байлыгын, дүйнөнүн башка жериндө болбогон өсүмдүктөрдүн, айбанаттардын алардын чарб. ж-а пл. жактан баалуулугун эске алып, бул аймактын табиятын мындан ары сактоо үчүн Кыргыз ССР Мин. Совети 1959-ж. *Сары-Челек коругун* уюштуруу ж-дө чечим кабыл алган. Туризм өнүккөн.

Ад.: Васильковский Н. В., О происхождении озера Сары-Челек в Чаткальском хребте, «Доклады АН Узб. ССР», в. 3, Таш., 1951; Иванов Ю. Н., Щеглова О. П., Озеро Сары-Челек, «Тр. Сары-Челекского государственного заповедника», в. 2, 1966; Щеглова О. П., Туляганов А. Х., Некоторые данные по гидрологическому режиму озера Сары-Челек, «Изв. Всесоюзного Географического общества», т. 103, в. 5, 1971.

САРЫ ЧЫРМООК, кускута (Cuscuta) — чырмооктор тукумундагы мите өсүмдүк уруусу. Жалбыраксыз,



Сары чырмоок: *1* — үй беде чырмоогу; *а* — гүлү, *б* — уругу; *2* — ысыр сары чырмоогу, *в* — уругу, *г* — топ гүлү.

тамырсыз, өтө ыяндуу отоо чөп. Сабагы жипче, түсү саргыч, жашыл саргыч же кызгылт. Башка өсүмдүккө чырмалып өсүп, ширесин соруп азыктанат. Гүлү майда (2—7 *мм*), агыш, кызгылт, жашыл түстүү. Мөмөсү кутуча: 1, 2 же 4 уруктуу. Уругу бир нече жыл өнүмдүүлүгүн жоготпойт. Мекени — тропиктик Америка ж-а Африка. Дүйнөдө 100дөй, СССРде 36 түрү белгилүү. Кырг-нда да кездешет. Кеңири тараганы: талаа С. ч., беде С. ч., тимьян С. ч., европа С. ч. ж. б. Негизинен отоо чөптөргө, жашылча ж-а тоют өсүмдүктөрүнө, картошка, эгыр, кенеп, дарак ж-а бадалдарга оролот да, алардын азык зат, суу алмашуусун бузат, түшүм азайып, санаты төмөндөйт. Айрым учурда өсүмдүк такыр солуйт. С. ч. вирус илдетин таратат. Күрөш чарасы: карантин чектөө, туура көтөрүштүрүп эгүү, тазалоо. Чөптү С. ч. гүлдөгөнгө чейин чабуу, жерди культивациялоо ж-а гербицид чачуу.

Ад.: Рейлин И. Г., Борьба с повиликами и заразихами, М., 1967.

САРЬЯП Мартирос Сергеевич [16(28. 2. 1880, азыр Ростов-на-Дону ш-нын



М. С. Сарьян.



С. Сасыкбаев.

чегинде — 5. 5. 1972, Ереван] — сов. живописчи, СССР эл сүрөтчүсү (1960), СССР Сүрөт академиясынын анык мүчөсү (1947), Армян ССР ИАнын академиги (1956), Соц. Эмг. Баатыры (1965), Армян ССР сүрөтчүлөр союзунун пред-ли (1947—51). Москва живопись, нийчилик ж-а зодчийлик окуу жайында (1897—1904) окуп, 1902—04-ж. В. *Серов* м-н К. А. *Коровиндин* өнөрканасында өнөрүн өркүндөткөн. С-дын алгачкы чыг-ларында чыгыш сүрөт үлгүлөрү композициялык жасалгага эриш-аркак колдонулган. 1900-ж-дын аягындагы чыг-ларында П. Гогендин, А. Матисстин таасири байкалат. Окт. рев-ясынан кийин С-дын чыг-ларынын негизги темасы— Арменияның (1921-жылдан жашаган) турмушу, жаратылышы. 1930-жылдарда каармандарды курч мүнөздөгөн портреттерди («Р. Н. Симонов»,



М. С. Сарьян. «Тоолор», 1923. Москва. Третьяков гал.

«А. Исаакян», «Палитра кармаган автопортрет»); жаркын колориттүү натюрмортторду («Күзгү натюрморт» ж. б.) тарткан. Аның 40—60-жылдардагы чыг-лыгының негизин пейзаж түзөт. С-дын «Ата журтум» аттуу 7 сүрөттөн турган цикли (1952—58) Ленин ордени, башка 2 орден ж-а болгон. С. китеп графикасында, театр жасалгасында иштеген. СССР мамл. сыйл. лауреаты (1941). СССР Жог. Советинде (2—4-шайл.) депутат. Үч Ленин ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: в рус. пер. — Из моей жизни, 2 изд., М., 1971.

Ад.: Драмшин Р., Сарьян, М., 1964.

САСАНИЛЕР (Сасан деген негиздөөчүнүн атынан) — 226—651-ж. Иранды башкарган династия. Көрүнүктүү өкүлдөрү: Ардашир I Папакан (226—241), Шапур I (239—272), Шапур II (309—379), Хосров I (531—579), Хосров II (590—628). С. державасы Алдыңкы Азиядагы эң ири мамлекеттердин бири болуп, ага Ирандан тышкары Афганстан, Ирак, Кавказ Албаниясы, Армения ж-а Грузиянын көпчүлүк аймагы кирген. С. мезгилинде Иранда феод. мамилелер орной баштаган. Бийликти борбордоштуруу максатында 3-к-да зороастризм дини мамл. дин деп жарыяланган. С. Рим, кийинчерээк Византия империясы ж-а О. Азия элдери м-н согушуп турган. С-ди 7-к-да арабдар каратқан.

Ад.: Периханян А. Г., Сасанидский судебник, Ер., 1973.

«САСУНЦИ ДАВИД», «Давид Сасунский» — армян элинин баатырдык эпосу. Төрт бутактан турат: «Санасар менен Багдасар», «Улуу Мгер», «Сасундук Давид» ж-а «Кенже Мгер». Негизги бутагы — «Кенже Мгер». «С. Д-дин» уюткусун Батыш Арменияның тоолуу Сасун р-нундагы дыйкандар араб халифатынын салык жыйноочуларына каршы чыгарган 851-жылкы көтөрүлүш түзөт. Эпосто мекендин көз карандысыздыгы үчүн күрөшүү идеясы негизги орун ээлейт. Эпостун каармандары аркылуу адилеттүүлүктүн, эрдиктин, патриоттуулуктун элдик идеалы берилет. 1939-ж. эпостун 1000 жылдыгы өткөрүлгөн. «С. Д.» дүйнөнүн көп тилине которулган. Эпостун мотиви б-ча О. Туманян, А. Исаакян ж. б. акындар поэмалар жазган.

Текст: в рус. пер. — Давид Сасунский, М.—Л., 1939.

Ад.: Давид Сасунский. Юбилейный сб., посвященный 1000-летию эпоса, Ер., 1939; Орбели И., Армянский героический эпос, Ер., 1956.

САСЫКБАЕВ Саткын (1907-ж. т., Кемин р-ну, Карагайлуу-Булак айылы) — кыргыз совет жазуучусу, журналист, Кыргыз ССР мад-тына эмг. сиң. кызматкер (1975). Кедей дыйкан үй-бүлөсүнөн. 1938-жылдан КПСС мүчөсү. Фрунзедеги педтехникумдан окуган (1925—30). Чыг-лары 1928-жылдан жарыялана баштаган. Тунгуч чыг-лары «Кичинекей жумушчу» (1932), «Чабандын баласы жана кок музоо» (1935) аңгемесинде, «Эмгек учкуну» (1933) ыр жыйнагында колхозчулардын, жумушчулардын каарман эмгегин сүрөттөгөн. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде «Нурлан», «Согуш күндөрүндө» аттуу аңгеме, очерктери чыккан. Согуштан кийин жазылган чыг-ларынын көбү жумушчу темасында («Таңкы гудок», 1957; «Түшкүрдөгү нур», 1958; «Күжүрмөндөр», 1961; «Күркүрөлүү жээкте», 1972 ж. б.). Аларда кыргыз жумушчу табынын калыптанышы, анын эмгеги ж-а күрөшү, сүйүү, достук мамилелери ар тараптан корсөтүлөт. Ал орус ж. б. бир тууган элдердин жазуучуларынын чыг-ларын которгон. Айрым чыг-лары орус тилине которулган. «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Танд. чыг., Фр., 1977; Дочь фабрики, Фр., 1958; Свет под землей, Фр., 1958.

Ад.: Абдраимов Ж., Жазуучу жана журналист, «Ала-Тоо», 1967, № 10; Аксаков М., Вторая жизнь, «Литературный Киргизстан», 1958, № 4.

САСЫК-БУЛАК — Талас р-нундагы Кара-Ой айыл советине караштуу кыштак. Чкалов атн. к-здун аймагында. Үч-Кошой суусунун жээгинде. Райондун борбору Талас ш-нан 37 *км* чыгыш тарапта. Жамбыл т. ж. станциясынан (Казак ССРи) 157 *км*. Калкы 1318 (1979). Орто мектеп, клуб, медпункт, үй тиричилик комбинатынын бөлүмү бар.

САСЫК-КӨЛ — Казак ССРиндеги көл; Балкаш көлүнүн чыгышында. Балкаш — Ала-Көл чуңкурдугунда, деңиз деңг. 347 *м* бийиктө жайгашкан. Аянты 736 *км²*, орт. терендиги 3,3 *м*, эң терең жери 4,7 *м*. Деңгээли 3 *м*ге чейин өзгөрөт. Ноябрда тоңуп, апрелдин башында ачылат. Балык кармалат, ондатра промысели бар.

САСЫК ТУМОО, к. *Грипп*.

САСЫК-ҮҢКҮР — таш дооруна таандык арх-ялык эстелик. Мустье мезгилинде адам жашаган үңкүр. Араван кыш-на жакын жерде. 1967—68-ж. В. А. Ранов ж-а М. Б. Юнусалиев жетектеген Кыргыз арх-ялык отряды изилдеген. Үңкүрдүн туурасы 13 *м*, уз. 37 *м*, бийик. 15 *м*. С.-Ү-дун 0,8—1,1 *м* терендигинен таш доорунун мустье мезгилин мүнөздөгөн эки кыргыч ж-а үч бурчтуу сынык таш куралдар табылган.

САСЫК-ҮҢКҮР — Ош обл-ныи Араван р-нундагы Араван айыл советине караштуу кыштак. «Коммунизм» к-зунун аймагында, Чил-Устун тоосунун этегинде жайгашкан. Райондун борбору Аравандан 6 *км* түн. тарапта. Ош т. ж. станциясынан 33 *км*. Калкы 470 (1979). Башталгыч мектеп, китепкана, медпункт бар.

САТАНИ-ДАР, Сатанидар («Шайтандар дөбөсү») — Армян ССРинин Талин р-нундагы Пирмалак кыш-на жакын жердеги Арагац тоосунун аймагындагы адыр (бөлтөк). Андан соңку шелль ж-а соңку ашель доорлорунда (алгачкы палеолит) адам жашаган эң байыркы (СССР аймагындагы) турак табылган. С.-Д. 1945—49-ж. изилденген.

САТЕЛЛИТ (лат. satellitis — жан сакчы, сапарлаш) — 1) Байыркы Римде — оз кожоюнун жандап жүрүүчү куралданган жалданма адам. 2) Формалдуу гана өзүнө өзү ээ, иш жүзүндө өзүнөн күчтүү мамлекетке баш ийген мамлекет. 3) Каймана маанисинде — башка бирөөнүн айткан аткаруучу эорчиме, башка бирөөгө кулдай күнкор, кошоматчы адам. 4) Астрономияда — планетанын спутниги (ээрчимеси) деген маани билдирет (чанда колдонулат).

САТИРА (лат. satira — аралашма) — турмуштагы терс көрүнүштөрдү күлкүнүн күчү м-н ашкерелеген *комедиялыктын* түрү. *Юмор* кемчилик кетирген адамды жумшак азил м-н шылдыңдаса, С. коомго кедерги көрүнүштөрдү ашкерелеп, анын керексиздигин билдирет. «С.» термини сатирлердин атынан алынган. Сатирлер ырдаган хордо ушул азыркы «С.» термини туюнткан түшүнүктүн элементтери аздыр-көптүр болгон. Биздин доордогу туңгуч С-лык комедиянын автору — Аристофан. Кийин дүйнөгө белгилүү С-лык чыг-лар жаратқандар — М. Сервантес, Ф. Рабле, Ж. Свифт, Мольер, Д. Дидро, Вольтер, Г. Гейне, Д. Фонвизин, А. Грибоедов, И. Крылов, Н. Гоголь, М. Салтыков-Щедрин ж. б. Соц. коомго чейинки



1. М. М. Чемоданов. «Коён да ууга чыкты», «Жало». 1905, № 1. 2. Л. Горохов. НАТО стратегдеринин кооптуу трюгу. 1979. 3. А. Турумбеков. Төрө пейил турганда, Чынтийбеске сын тийбес. 1978.

сатириктер өздөрү жашаган коомдун чирип бараткандын, түбөлүксүз экенин көрсөтүп, анын башында турган тоболдорду мыскылдашса, соц. коомдогу сатириктер турмушка кедерги терс көрүнүштөрдү сындап, алардын жоюлушуна көмөк көрсөтүшөт. Кыргыз совет ад-тында А. Токомбаев, Т. Сыдыкбеков, А. Убукеев, Р. Шүкүрбеков, М. Алыбаев, М. Борбугулов сыяктуу жазуучулардын С-лык чыг-лары бар.

Ад.: Эльсберг Я., Вопросы теории сатиры, М., 1957; Николаев Д., Смех—оружие сатиры, М., 1962; Макарьян А., О сатире, М., 1967; Бапаев Х., Кыргыз сатирасынын табияты, Фр., 1974.

САТИРЛЕР — байыркы грек мифологиясындагы Дионис кудайынын жанжөкөрлөрү — токой кудайлары м-н түшүмдүүлүктүн шайтандары. Мифтерде С. жүрөнчөөк жосундуу, чала мас кейипте көрсөтүлүп, токойдон токойго көчүп, сайран куруп жүргөн нимфалар м-н кошо сүрөттөлөт.

САТЛЕЖ, Сатлаж (төмөнкү агымында — Панжнад) — Пакистан, Индия ж-а Кытайдагы дарыя, Инд-нын эң ири сол куймасы. Уз. 1,5 мин *км*, алабынын аянты 395 миң *км²*. Кайлас кырка тоосунан башталып, Гималай тоолору ж-а Пенжаб түздүгү аркылуу агат. Ири куймалары: Бпас, Чинаб (оң). Кар, мөңгү ж-а жамгыр сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы Рупар ш-нда 500 *м³/сек*. Жээгинде Нангал, Пхиллаур (Индия), Бахавалпур (Пакистан) ш-лары жайгашкан.

САТПАЕВ Канып Имантаевич [30. 3(11. 4). 1899, Аккелин болуштугундагы айыл, азыркы Павлодар обл.— 31. 1. 1964, Москва (сөөгү Алматыда коюлган)] — сов. геолог, металлогенист, СССР ИАнын акад. (1946; корр. мүчө, 1943). 1944-жылдан КПСС мүчөсү. Томск технология ин-тун бүткөн (1926). 1926—41-ж. Борб. Каз-нда геол. треституде геолог, башкы геолог, 1941—64-ж. СССР ИАнын Казак филиалынын (1946-жылдан Казак ССР ИА) Геол. илимдери ин-тунда директор, 1942-жылдан СССР ИАнын Казак филиалынын Президиумунун пред-ли, 1946—52 ж-а 1955—64-ж. Казак ССР ИАнын президенти. Негизги



К. И. Сатпаев.

изилдөөлөрү Каз-ндын руда кендеринин геологиясына ж-а минералдык ресурстарына арналган. *Жезказган кенин* изилдөөдө ж-а кен байлыктарын алдын ала айтуу (прогноз) картасын түзүү принциптерин иштеп чыгууда зор эмгек сиңирген. Анын ысмынан жаңы минерал (сатпаевит) аталган. Казак ССР ИАнын Геология ин-туна С-дин аты берилген. СССР Жог. Советинин (2—3, 5—6-шайл.) депутаты. Лениндик сыйл. (1958) ж-а СССР мамл. сыйл. (1942) лауреаты. Төрт Ленин ордени, 2-дараж. Ата Мекендик Согуш ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.


Эмг.: Избр. труды, т. 1—5, А.-А., 1967—70.

Ад.: Академик К. И. Сатпаев, Сб., посвящённый памяти выдающегося советского учёного, А.-А., 1965; Брагин А. И., Умом и молотком, М., 1975.

САТПУРА — Индиядагы кырка тоо, Декан бөксө тоосунун түндүгүндө. Уз. 800 *км*, бийикт. 1353 *м*ге чейин. Кристаллдык сланец, гранит ж-а кварцит тоо тектеринен түзүлүп, базальт лавалары м-н капталган. Чоку-лары көбүнчө плато сымал; түш. капталы тик, түндүгү бир аз жантайыңкы. Кокту-колоттуу. Капталдарын сейрек, жалбырагы күбүлмө муссон токою ээлейт.

САТУРАТОР (лат. saturo — каныктырам, толтурам) — суюктукту көмүр кычкыл газы м-н каныктыргыч—газдагыч аппарат. Аралаштыргыч түзүлүшүнө (абсорберде) басым м-н CO_2 муздатылган суюктукта эритилет. Кол, о. эле жарым автоматтык, автоматтык башкарылуучу С. мезгилдүү, цикддүү ж-а үзгүлтүксүз иштейт. С-до суюктук м-н газды аралаштыруунун түрдүү жолдору (мис., мех. аралаштыруу, чачыратуу ж-а газда суюктукту катмарлантуу ж. б.) колдонулат. С. тамак-аш ө. ж-нда, газдалган суусундарды даярдоодо кеңири пайдаланылат. Даярдоо процесси кээде карбондоштуруу деп да аталат.

САТУРН — Күн системасындагы Күндөн аралыгы б-ча алтынчы планета; ал ални-планеталарга кирет. С-дун орбитасынын чоң жарым огу 1,43 млрд *км*ге барабар, эксцентриситети 0,056, орбита тегиздигинин эклиптика тегиздигине жантайышы 2°29′. Күндү 9,64 *км/сек* орт. ылдамдык м-н 29,458 жылда толук бир жолу айланып чыгат. С-дун көлөмү Жердин көлөмүнөн 770 эсе, массасы 95,28 эсе чоң. Бетиндеги оордук күчүнүн ылдамдануусу экваторунда 9,54 *м/сек²*. С-дун орт. тыгыздыгы ото аз болгондуктан ал жеңил газдардан — суутек, гелийден (80% суутек, 18% гелий, калган 2% оор элементтен) турат деп болжолдонот. С-дун борборунун темп-расы 20000°К. Атм-расын молекулалуу суутек (40 *км-атм*), метан (0,35 *км-атм*) түзөт. С-дун магнит талаасы аныктала элек. С-дун негизги өзгөчөлүгү— экватордук тегиздигинде жайгашкан



Сатурндун көрүнүшү.

алкагы. С-дун 10 спутниги — Титан, Янус, Феба ж. б. бар.

Ад.: Бобров М. С., Кольца Сатурна, М., 1970; Физическая характеристика планет-гигантов, А.-А., 1971; Внутреннее строение Земли и планет, М., 1973.

САТУУЧУ ЖАНА ЖАБДУУЧУ БАЗА — СССРдин эл чарбасынын материалдык-тех. жабдуу системасына кирген, өзүнчө же конторалардын балансында туруучу, чарб, эсептеги



А. Сатыбалдиев.



П. Сатыбалдиев.

уюм. Универсал ж-а адистештирилген түрү болот. Ал ишкана, курулуш, мекеме ж-а уюмду өндүрүшкө керектүү продукция м-н пландуу түрдө складдан жабдыйт. Анда транспорттоо толук механикалаштырылып, ишти аткаруу, контролдоо процесстерин башкарууда ЭЕМ, телекөрсөтүү ж. б. техника колдонулат.

САТЫ — Ош обл-нын Сузак р-пундагы Архангельский айыл советине караштуу кыштак. «Кегарт» уроочулук чарбасынын аймагында. Райондун борбору Сузактан 35 *км* түн.-чыгыш тарапта. Кок-Жангак т. ж. станциясынан 15 *км*. Калкы 500 (1976). Сегиз жылдык мектеп бар.

САТЫБАЛДИЕВ Алтымыш (1900-ж. т., азыркы Ош обл., Ноокат р-ну, Өрнөк кыш.)—Соц. Эмг. Баатыры (1947). 1948-жылдан КПСС мүчөсү. 1928—54-ж. Кызыл-Кыя көмүр кенинде забойщик болуп эмгектенген. Согуштан кийинки алгачкы жылдарда өндүрүштүк тапшырмаларын ашыгы м-н аткарган. СССР Жог. Советинин (8-шайл.), Кыргыз ССР Жог. Советинин (2, 3-шайл.) депутаты. Кырг-н КП БКнын мүчөсү (1952). Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

САТЫБАЛДИЕВ Нарманбет (1887, азыркы Нарын обл., Ак-Талаа р-ну, 1-Май кыш.— 24. 7. 1974, ошол эле жер) — Соц. Эмг. Баатыры (1949). Колхоз уюшулгандан 1956-жылга чейин 1-Май к-зунда жылкычы болуп иштеген. 1947-ж. 50 бээден 50 кулун алган. Эки Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

САТЫК БАА — мамл. даярдоо уюмдары тарабынан колхоз-совхоздон ж-а элден а. ч. азык-түлүгүн сатып алуу баасы. 1924-ж. бирдей даярдоо баасы бекитилген. 1926—29-ж. андан пикемдүү, макулдашылма баа киргизилген. 1932—33-жылдан 1957-жылга чейин колхоздор м-н эл а. ч. азык-түлүгүн милдеттүү тапшыруу мезгилинде а. ч. продукциясына борбордоштурулган туруктуу С. б. коюлган. Совхоздор ж. б. мамл. ишканаларга откорүү баасы чектелген. Пландан тышкарыкы а. ч. азык-түлүгүнө көтөрүүчү С. б. бекитилген. Кээ бир а. ч. продуктуну 1958-жылга чейин С. б. келишими б-ча сатылып алынып, аның 30—40%ин түзгөн кошумча сыйлык—С. б-сы да колдонулган. 1958-ж. милдеттүү тапшыруу жоюлуп, бирдиктүү С. б. киргизилген. 1965-ж. коп а. ч. азык-түлүгүнүн С. б-сы көтөрүлүп, пландан ашык сатылган негизги дан эгинине 50% үстөк кошулган. 1970-жылдын 1-майынан мал чарбачылыгынын бир катар продукциясына С. б. жогорулатылып, пландан тышкаркы мал, канаттуу, сүт, жүн ж-а жумуртка үчүн 50% кошумча төлөнөт. 1979-жылдан кээ бир а. ч. продукциясынын пландан ашыгына үстөк төлөө тартибине өзгөртүү киргизилди. А. ч. азык-түлүгүн өндүрүүнүн өсүшү, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулашы ж-а продукциясынын өз наркынын төмөндөшү С. б. деңгээлин төмөндөтүүгө шарт түзгөн. Соц. мамлекеттерде С. б. коюу принциби окшош.

САУД АРАВИЯСЫ, Сауд Аравия Короолдугу — Азиянын түш.-батышындагы мамлекет. Араб ж. а-ның $^2/_3$ бөлүгүн ж-а Кызыл деңиз м-н Перс булуңунун жээгиндеги аралдарды ээлейт. Түндүгүнөн Иордания, Ирак, Кувейт, түш. ж-а түш.-чыгышынан ЙАР, ПЭДР, Оман, Бириккен Араб Эмирликтери, чыгышынан Катар м-н чектешет. Аянты 2,1 млн *км*². Калкы 8 млн (1977). Борбору — Эр-Рияд (калкы 750 миң, 1977). Админ. жактан 4 провинцияга бөлүнөт. С. А. — абс. теократиялык монархия. Өкмөт башчысы — король. Мамл. гербин ж-а мамл. желегин к. *Мамлекеттик герб, Мамлекеттик желек* макалаларынын таблицасынан.



Табияты. Рельефинде плато симал түздуктор мүнөздүү. Түндүгүндө Чоң Нефуд, чыгышында Кичи Нефуд, түш.-чыгышында Руб-эль-Хали кумдуу чөлдөрү бар. Кызыл деңиздин жээгинде Тихама (туурасы 70 *км*че), Перс булуңунун жээгинде Эль-Хаса (70 *км*) түздуктөрү созулуп жатат. Кен байлыктары: нефть, темир, хром, жез, коргошун, цинк, алтын, калай ж. б. Климаты түндүгүндө субтроптик, түштүгүндө тропиктик, кескин континенттик, кургак. Июлдун орт. темп-расы 33°С (Эр-Рияддa), январдыкы —14°С. Жылдык жаан-чачыны 100 *мм*ден ашпайт. Туруктуу дарыялары жок. Чөл топурагы басымдуу. Негизинен чөл ж-а жарым чөл өсүмдүктөрү (ак соксоол, тоо тикен, эфилчек, шыбак ж. б.) өсөт. Жаныбарлары: карышкыр, чөө, түлкү, гиена, сүлөөсүн, антилопа, коён ж. б.


Калкы. Элинин көбү — арабдар. Негр, перс, англис, американдыктар ж. б. улуттар да жашайт. Мамл. тили — араб тили. Дини — ислам. Орт. жышт. 1 *км*²го 4 киши. Шаар калкы 23,6% (1970). Ири шаарлары: Эр-Рияд, Жидда, *Меке, Медина*.

Тарыхы. С. А-ның аймагын байыркы заманда (б. з. ч. 2-миң жылдыкта) көчмөн араб уруулары мекендеген. Б. з. 7-к-нда Араб ж. а-ның батышында (Хижазда) ислам дини пайда болуп, Араб халифаты (борбору — Медина) негизделген. 7—8-к-да азыркы С. А. аймагынын басымдуу бөлүгү Омейялар, 8—9-к-да Аббасилер халифаттарына кирген, 10—12-к-да Араб ж. а-ның бир бөлүгүндө өз алдынча княздыктар түзүлгөн.

16-к-да Аравиянын бир бөлүгүн түрктөр каратып, ал биринчи дүйн. согушта гана Осмон империясынын бийлигинен бошотулган. Саудилер династиясынын өкүлдөрү жетектеген бириккен уруулардын 18-к-да диний ураан м-н чыккан бошт. кыймылы жарым аралды бүт камтыган. Алар түркөрдүн катуу соккусуна карабай, 19-к-дын алгында каршылык көрсөтүүсүн улантып, 1902-ж. Неждин борбору — Эр-Риядды, 1904—13-ж. жарым аралдын негизги аймактарын каратkан. Осмон империясы кулаган соң (1918) түрк баскынчыларынын ордун англ. колониячылар басууга аракеттенген. Биринчи дүйн. согуштан кийин кулач жайган улуттук бошт. кыймыл Саудилер үчүн С. А-н бириктирүүгө мүмкүнчүлүү шарт түзгөн. Неждге 1920-ж. Асирдин бир бөлүгү, 1921-ж. Жебель-Шаммар, 1922-ж. Жауф, 1925-ж. Хижаз бириктирилип, 1926-ж. түзүлгөн «Хижаз ж-а биринкен аймактары м-н кошо Нежд» мамлекети ошол эле жылдын 16-февралында СССР м-н дипл. мамиле түзгөн. Ал мамлекет 1932-жылдан С. А. деп аталат. 1934-ж. С. А. м-н Йемен ортосунда согуш башталып, Йемен жеңилип, Асир, Жизан ж-а Нажрандын бир бөлүгү С. А-на өткөн.

С. А. экинчи дүйн. согуш (1939—45) мезгилинде фаш. Германия ж-а Италия м-н дипл. мамилени үзгөн, бирок согушка катышкан эмес. 1943-ж. АКШ м-н дипл. мамиле түзгөн. 1972-жылга чейин С. А-ндагы нефтини негизинен амер. нефть компаниясы иштеткен. Өлкөдө феод.-теократиялык тартипке каршы эл массасынын ааразычылыгы күчөгөн соң 1964-ж. бийликке келген Фейсалдын өкмөтү экономикада ж-а өзгө билим берүүдө реформа жүргүзгөн.

60-жылдардын 2-жарымынан С. А. тышкы саясатында антикоммунизмди жактаган, о. эле араб өлкөлөрүнүн израил агрессиясына каршы күрөшүн да колдогон. 1975-ж. бийликке келген жаңы өкмөт Жакынкы Чыгыш кризиси ж-а айрым араб өлкөлөрүнүн пикир келишпестигин жоюу салуу б-ча жүргүзүлгөн ич чараларына катышып, тышкы саясатты активдештирген.



1. Гавар — Рас-Таннура нефть түтүгү. 2. Эр-Рияд ш. 3. Мекке ш-ндагы Харам жана Бейт-Уллах ыйык комплекси. 16—17-к. Жалпы көрүнүш.

Экономикасы. С. А-нда 2-дүйн. согушка чейин мал чарбачылыгы маанилүү орунда болгон. Согуштан кийин нефть чыгаруу ж-а сатуу б-ча алдыңкы орунга чыкты. Дүйнөдөгү ири нефть өндүрүүчү өлкө. Ири кендери өлкөнүн чыгышында, Перс булуңунун шелфинде жайгашкан. Нефтинин көбү сыртка чийки түрдө чыгарылып, бир аз бөлүгү өлкөдө иштетилет. Нефть-химия (күкүрт, хим. жер семирткичтер), курулуш материалдар (цемент, кирпич) ж. б. ө. ж. бар. Кол өнөрчүлүк өнүккөн. А. ч. артта калган. А. ч-га жарактуу жери 86 млн *га*. Негизги а. ч. өсүмдүктөрү курма пальмасы, буудай, ак жүгөрү, таруу, арпа, жүгөрү, цитрус өсүмдүктөрү ж. б. 1976-ж. 0,4 млн уй, 4,2 млн кой, 2,3 млн эчки, 0,3 млн төө болгон. Балык кармалат. Автомобиль жолунун уз. 14,1 миң *км*, т. ж. 719 *км* (1977). Ири порттору — Жидда, Дамам, Рас-Таннура ж. б. Эл аралык маанидеги 3 аэропорту бар. Сыртка нефть ж-а нефть продуктуларын, курма ж. б. чыгарып, четтен машина ж-а жабдуулар, азык-түлүк, курулуш материалдарын алат. Соода шериктери: Япония, Италия, Нидерланд, Улуу Британия, ГФР, АКШ. Акча бирдиги—сауд риалы. 4,145 риал=АКШнын 1 доллары (1977).



Хуфуфтагы аким үйү.

Эл агартуусу. 1926-ж. милдеттүү башталгыч билим берүү ж-а ак сөөктөрдүн мамл. мектебин ачуу ж-дө закон кабыл алынган (жеке менчик мектептер да бар). 1960-ж. милдеттүү түрдө кыздарды окутуу ж-дө закон кабыл алынып, алдар пед. окуу жайлары ачылган. Башталгыч билим алуу акысыз. Сабатсыздыкты жоюу б-ча борборлор иштейт. Бирок 1972-ж. калктын 80% сабатсыз болгон. Мектепке кирүү 6 жаштан. Башталгыч мектеп 6 жылдык, орто мектеп 2 баскычтуу: толук эмес орто мектеп (3 жыл) ж-а толук орто мектеп (3 жыл). Фельдшердик-акушердик мектеп, сурот техникуму, а. ч. мектеби ж. б. бар. Пед. кадрларды пед. ин-т даярдайт. Жог. окуу жайлары: Эр-Рияд ун-ти, Эр-Рияддагы жог. технол. ж-а тех. ин-ттар. Ири китепканалары: Улуттук, Эр-Рияд, Медина ун-ттердин китепканалары. С. А-нда 20дан ашык газета-журнал басылат, радио, телекөрсөтүү иштейт.

Ад.: Озолинг В. В., Саудовская Аравия, М., 1968; Новейшая история арабских стран, М., 1968.

САУКОВ Александр Александрович [2(15). 8. 1902, Чурилов кыш., Ярославль обл.— 23. 10. 1964, Москва] — сов. геохимик, СССР ИАнын корр. мүчөсү (1953). 1945-жылдан КПСС мүчөсү. Ленинград политех. ин-тун бүткөн (1929). 1949-жылдан СССР ИАнын Руда кендеринин геологиясы, петрография, минералогия, геохимия институтун бөлүм башчысы. Негизги изл. эмгектери сымаптын ж-а сейрек элементтердин геохимиясына, кен издөөнүн геохим. методдоруна ж-а геохим. проблемаларга арналган. Кырг-н, Дагстан, Тоолуу Алтай, Чыгыш Забайкальедеги сыман кендерин изилдеген. Кола ж. а-ндагы апатит, Памирдеги оптикалык касиети бар кварц кенин ачууга катышкан. С-дун ысмы м-н минерал (сауковит) аталган. «Сымаптын геохимиясы» (1946) аттуу монографиясы ж-а «Геохимия» (1950) деген окуу китеби үчүн СССР мамл. сыйлыгы ыйгарылган (1947, 1952). Үч Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Перельман А. И., Краткий очерк жизни и научной деятельности А. А. Саукова, в кн.: Очерки геохимии эндогенных и гипергенных процессов, М., 1966.

САУР — Казак ССРи м-н Кытайдагы кырка тоо, Зайсан көлүнүн түш.-чыгышында. Уз. 140 *км*, бийикт. 3816 *м*ге чейин (Муз-Тоо чокусу). Жанар тоо чөкмөлөрүнөн ж-а сланец аки таш тегиз, кумдук гранитоид тоо тектеринен турат. Мөңгүлөрдүн жалпы аянты 16,6 *км*². Түн капталдарында шалбаа өсүмдүктөрү ж-а токой (сибирь кызыл карагайы, тянь-шань карагайы, сибирь пихтасы ж. б.), андан төмөн ж-а түш. капталдарында талаа ж-а жарым чөл өсүмдүктөрү өсөт. Кен байлыктары: көмүр, күйүүчү сланец.

САФОНОВ Борис Феоктистович [13(26). 8. 1915, азыркы Тула обл., Плавский р-ну, Синявино кыш.— 30. 5. 1942] — эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1941, 1942), АДФ авиациясынын учкуч-истребители, подполковник (1942). 1939-жылдан КПСС мүчөсү. Жумушчу үй-бүлөсүнөн. 1933-жылдан Кызыл Армияда. Учкуттардын Кызыл Туулуу 1-аскердик мектебин бүткөн (1934). Улуу Ата Мексогушта (1941—45) ААКтын Түн. флотунда эскадрильяга ж-а авиаполкко командир. 300 жолу согуштук учуш жасап, жеке өзү душмандын 22 самолётун атып түшүргөн. Аба салгылашында курман болгон. Мурма обл-ндагы ш. т. посёлка С-дун ысмынан аталган. Ленин ордени, 3 Кызыл Туу ж-а Британия ордени м-н сыйланган.

САХАЛИН — Азиянын чыгыш жээгинде жайгашкан арал. РСФСРдеги Сахалин обл-нын аймагында. Охота ж-а Япон деңиздери м-н чулганат. Материктен Татар кысыгы (эң куучу жери 7,3 *км*) аркылуу бөлүнөт. Уз. 948 *км*, орт. туурасы 100 *км*, эң ичке жери 6 *км*. Аянты 76,4 миң *км*². Жээктерин бойлой Батыш Сахалин (бийикт. 1325 *м*ге чейин) ж-а Чыгыш Сахалин (1609 *м*; Лопатин чокусу) тоолору жатат. Алар Тымь-Поронай ж-а Суснай ороондору м-н бөлүнөт. Сахалиндин түн. бөлүгүн Түн. Сахалин түздүгү ээлеп жатат. Кен байлыктары: нефть, газ, көмүр ж. б. Климаты муссондук. Январдын орт. темпрасы түндүгүндө —17,7°... —24,5°С, түштүгүндө —6,2°...—12°С; августутку 10,9°—15,6°С, 16°—19,6°С. Жылдык жаан-чачыны 400 *мм*ден 1200 *мм*ге чейин. Ири дарыялары: Тымь, Поронай. Көл, саз ж-а аллювий топуракта басымдуу. Тоолорунда кайың, кедр аралаш карагай-пихта токою, түздүктөрүндө карагай басымдуу; түш.-батышында аралаш токой өсөт. С-дун эзелтеден айн, нивх, эвенк уруулары мекендешкен. Аралды 17-к. европалыктар ачкан. С-дин чарбасын к. *Сахалин области*.

Ад.: Остров Сахалин, Хабаровск, 1971.

САХАЛИН БУЛУНУ Охота децизиндеде, материк м-н Сахалин а-ныи түп. четинин ортосунда. Түп. тарабы жайык, түштүгү кууштан, Амур лиманына отот. Туурасы 160 *км*ге чейин. Ноябрдан июлга чейин муз тоцот. Чыгыш жээгинен Москальево порту орун алган.

САХАЛИН ОБЛАСТЫ РСФСРде. 1932-ж. 20-октябрда түзүлгөн. Адегенде Ы. Чыгыш, 1938-жылдан Хабаров крайынын составында. 1947-ж. 2-январдан өз алдынча область. Сахалин, Курил, Монерон ж-а Түлөн аралдарын ээлеп жатат. Охота, Япон дециздери ж-а Тынч океан чулгайт. Алиты Дециз ж-а суу жолдору кеципи пайдаланылат. 1978—79-окуу жылында 288 жалпы билим берүүчү мектеп, 15 кесипчилик, 10 атайын орто окуу жайы, пед. ин-т ж. б. иштеген. С. о-нда 4 пл. из. ин-ту, 304 китепкана, драма театры, 297 клуб ж. б. бар. Областтык «Советский Сахалин» (1925-жылдан), «Ленины гилло» (1949, «Ленинди жолу менен», корей тилинде), «Молодая гвардия» (1947) газеталары чыгат. 1979-ж. 11,0 миң орундуу 91 ооруканада 2,6 миң врач иштеген. Бальнеологиялык курорттор ж-а жети санаторий (аның тортоо балдардыкы) иштейт.



1. «Сахалин-2» паром-ледоколу Холмск ш-нда 2. «Южно-Сахалинский» с-зунда картошка өгүү.

87,1 миң *км*². Калкы 655 миң (1979). 17 район, 19 шаар, 35 ш. т. посёлка бар. Борбору — Южно-Сахалинск ш. Область Ленин ордени м-н сыйланган (1967).

Табиятын к. *Сахалин, Курил аралдары* макалаларынан.

Орус (80,4%), украин, корей, белорус, татар, мордва ж. б. улуттар жашайт. Орт. жышт. 1 *км*²ге 7,5 киши; шаар калкы 82%. Шаарлары: Южно-Сахалинск, Холмск, Корсаков, Оха, Поронайск, Невельск ж. б.

Экономикасында — о. ж. маанилүү орунда. Областка Ы. Чыгыштын о. ж. дүң продукциясынын 12% туура келет. Область балык о. ж-на адистешкен (жалпы о. ж. продукциясынын 38% түзөт). Токой, жыгач иштетүү ж-а целлюлоза-кагаз (Поронайск, Углегорск, Долинск, Холмск, Макаров ш-ларында) о. ж. иштейт. Нефть өндүрүүчү о. ж. Сахалиндин түндүгүндө жайгашкан. 1974-ж. 824 млн *м*³ газ, 5,3 млн *т* көмүр, 2 млрд *квт·с* электр энергиясы өндүрүлгөн. Машина куруу ж-а металл иштетүү о. ж. негизинен ремонттоо иштерин жүргүзөт. Курулуш материалдар (цемент, темир бетон конструкциялары, кирпич ж. б.), жеңил (тигүү, бут кийим ж. б.), тамак-аш (эт, сүт ж. б.) о. ж. бар. Жер фондусу 243 миң *га*. А. ч-га жарактуу 111,3 миң *га* жердин 39,3 миңи айдоо, 35,7 миңи чабынды, 35,7 миңи жайыт. Картошка, жашылча, тоют өсүмдүктөрү өстүрүлөт. 1979-ж. 80,3 миң үй (сааны 30,8 миң), 125,7 миң чочко, 14,1 миң бугу, 1737,3 миң канаттуу болгон.

Ад.: Российская Федерация. Дальний Восток. М., 1971 (серия «Советский Союз»); Сахалинский рассвет. Сахалин и Курильские острова, М., 1973.

САХАРА (ар. сахра—чөл) — Түп. Африкадагы чөл, Жер шарындагы тропик чөлдөрүнүн эң ириси. Марокко, Тунис, Ливия, Египет, Мавритания, Мали, Нигер, Чад ж-а Судан мамлекеттеринин аймагында. Батыштан чыгышка 5700 *км*, түндүктөн түштүккө 2000 *км* аралыкта созулуп жатат. Аймагынын $^4/_5$ болүгүн деңиз деңг. 300—500 *м* бийикте жайгашкан түздүктөр ээлейт. Чыгыш ж-а түндүгүндө Эль-Файюм, Каттара (деңиз деңг. 133 *м* төмөн) ж. б. туюк чуңкурдуктар жайгашкан. Борбордук С-да Ахаггар (3003 *м*ге чейин; Тахат чокусу) ж-а Тибести (Эми-Куси чокусу; 3415 *м*, С-ның эң бийик жери) тоо массивдери көтөрүлүп жатат. С-да чөлдүн таштак хамада, жумуру таштуу рег, чополуу серир, кумдуу эрг типтери кеципи тараган. Кум жалчалары басымдуу.

С. Африка-Араб платформасынын түн.-батыш болүгүн ээлейт. Платформанын кристаллдык фундаменти чөкмө тектер м-н капталып, батыш болүгүндө, Борбордук С-да ж-а Этбай тоосунда (Кызыл деңиздин жээгинде) жер бетине чыгып жатат. Борбордук С-дагы тоолор альп тектоникалык кыймылынын натыйжасында пайда болгон. Кен байлыктары: нефть (Алжир, Ливия, Египет), газ, көмүр, темир рудасы (Алжир, Египет, Мавритания), фосфорит (Египет), таш туз (Мали) ж. б. Чөл, тропик, түндүгүндө субтропик климаты басымдуу. Жылдык жаан-чачыны көп болүгүндө 50 *мм*, чет жакаларында 100—200 *мм*. Январдын орт. темп-расы 10°С.

Сахара. 1. Ахаггар. 2. Бархандар. 3. Чолдогу кудук (Нигер).







нюлдуку 37,2°С. Абс. максимум 57°С (Тиндуф, 1936-ж.), абс. минимум —18°С (Тибести кырка тоосунда). Туруктуу агыш суулары (Нил ж-а Нигердин айрым болүктөрүнөн башка) жок. Жер астындагы суулардын запасы көп; оёк жерлеринен булактар чыгат. Оазистер көп. С-ның басымдуу болүгүн тропик чолу м-н жарым чөлгө мүнөздүү болгон (шагылдуу, жумуру таштуу, кумдуу) топурактар ээлейт. Аки таш-гипстүү кыртыштар кеципи тараган. Өсүмдүктөрү өтө сейрек (түн. ж-а түш. четтерин кошпогондо), айрым жерлеринде такыр жок. Таштак ж-а шагылдуу чолдордо эңилчек, шыбак өсөт. Атлантика океанынын жээктеринде алабата, эңилчек өсөт. Ахаггар ж-а Тибести тоолорунун кыр болүктөрүндө тоо-шалбаа флорасы басымдуу. Калкынын көбү — негизинен көчмөн, мал чарбасында кесиптешкен бербер-арабдар. С-да Туггурт, Уаргла, Лагуат, Туат, Тидикельт (Алжир), Куфра, Себха, Тазербо, Жагбуб, Мурзук (Ливия), Сива, Дахла, Фарафра, Бахария (Египет) ж. б. ири ш-лар жайгашкан. С. аркылуу нефть ж-а газ жүргүчтөрү, автомобиль ж-а т. ж-дор өтөт.

Ад.: Петров М. П., Пустыни земного шара, Л., 1973; Сахара. Сб. ст., пер. с нем., М., 1971.

САХАРА Батыш — Африканын түн.-батышындагы аймак. Батышынан Атлантика океаны, түндүгүнөн Марокко ж-а Алжир, чыгыш ж-а түштүгүнөн Мавритания м-н чектешет. Аянты 226 миң *км*². Калкы 80 миң (1975). Башкы админ. борбору — Эль-Аюн (калкы 28 миң, 1976).

Жери батышында түздүктүү, чыгышында бир аз дөңсөөлүү (бийикт. 300—350 *м*). Кен байлыктары: фосфорит, уран, титан, ванадий, жез, цинк, кайнатма туз. Фосфориттин мол запасы бар. Тропиктик ж-а чөл климаты басымдуу. Айлык орт. темп-ра 17—20°Сден 25—30°Сге чейин. Жылдык жаан-чачыны 50—200 *мм*. Туруктуу дарыясы жок. Кызыл куроң, сары күрөң ж-а боз топурактуу аймактарда ксерофиттүү бадалдар ж-а чөптөр өсөт. Жаныбарлардан сойлоочулар, майда кемирүүчүлөр бар. Жээк суулары балыкка бай.

Негизги эли арабдар (алар маврлар деп да аталат). Мамл. тили — араб тили. Дини — ислам. Элинин көбү — көчмөн малчы. Испандар да жашайт. Шаарлары: Эль-Аюн, Дахла.

20-к-дын 70-жылдарына чейин өлкөнүн экономикасы артта калган. Негизинен көчмөн мал чарба басымдуу болгон. Оазистерде курма пальмасы, бир аз арпа ж-а таруу эгилет. Балык кармалат. Бу-Краа р-нундагы ири фосфорит кенин пайдаланууну экономиканын жогорулашына жардам берүүдө. Автомобиль жолунун уз. 5,2 миң *км*. Сыртка мал, тери, жүн, кайнатма туз чыгарып, өзүнө азык-түлүк, нефть продуктусун, о. ж. товарларын алат. Акча бирдиги — испан песетасы.

Батыш С-га европалыктар 16-к-да келе баштаган. 1881—87 ж-а 1902—12-ж. Испания толук каратkан. 1958-жылдагы жерг. көчмөн уруулардын бошт. күрөшүн испандар басып, аскер тартип орноткон. 1967-жылдагы улуттук бошт. күрөштүн кысымы м-н Испания жерг. башкаруу органы Ген. ассамблея — «Жемаанын түзгөн. Батыш С-да колон. режимди жоюу маселеси 1966-ж. ООНдун Ген. ассамблеясынын 31-сессиясында каралып, ООН Испаниядан Батыш С-га эркиндик берүүнү талап кылган.

1975-ж. 14-ноябрдагы келишим б-ча Испания Батыш С-ны Марокко м-н Мавритания мамлекеттерине берген. Өлкөнүн эркиндиги үчүн күрөшкөн «Сегиет-эль-Хамра жана Рио-де-Оронун боштондукка чыгаруучу элдик фронту» (ПОЛИСАРИО фронту) 1975-ж. 28-ноябрда убактылуу советти түзүп, 1976-ж. 27-февралда Сахара Араб Демократия Республикасын (САДР) жарыялаган. 1976-ж. августа ПОЛИСАРИОнун 3-съезди САДРдин конституциясын бекиткен.

САХАРА НЕФТЬ-ГАЗ БАССЕЙНИ, Сахара-Ливия нефть-газ бассейни — Африкадагы нефть м-н газ кендери жайгашкан ири аймактын бири. Ал Алжирде, Тунистин түш. четинде, Түн. Ливияда ж-а ЕАРдын түн.-батыш болүгүндө жайгашкан. Бассейн кендик багытында 3600 *км*ге созулуп, жалпы аянты 2500 миң *км*². Изилдөө ж-а чалгындоо жумуштары 20-к-дын 50-жылдарынан Алжирде, Ливияда, ал эми 70-жылдары ЕАРда жүргүзүлө башталган. Бассейндеги нефтинин жалпы запасы 4,9 трлн *м*³ (1974). Эң ири нефть кендери: Алжирде — Хасси-Месауд; Ливияда—Серир, Амаль, Жало, Зельтен; газ кендери: Алжирде — Хасси-Рмель, Рурд-Нюс ж. б. Бассейн негизинен палеозой, мезозой ж-а кайнозой замандарынын чөкмө тоо тектеринен түзүлгөн. Бассейндин фундаменти Сахара плитасы, соңку кембрийге чейинки мезгилдин өтө метаморфизмделген тоо тектеринен турат. Чөкмө тектер бардык жерде фундаментти жаап жатат. Нефть ж-а газ кендери негизинен кембрий, ордовик, девон, карбон, триас (газ), бор, палеоген мезгилдеринде пайда болгон чөкмө тоо тектердин казанбак ж-а брахиантиклиналь түрүндөгү түзүлүштөрдө топтолгон. Пайдалуу кабаттары—негизинен кумдук ж-а аки таш тектери. Жайгашуу терендиктери ар түрдүү (400 *м*ден 3550 *м*ге чейин). Нефть жеңил, күкүрту аз, тыгыз. 0,80—0,85. Бассейндин аймагынан 200дөн ашык нефть, 60тай газ кени табылган. Алардан жылына 157 млн *т* нефть, 30 млрд *м*³ газ алынат. Өндүрүлгөн нефтинин 92,8% экспорттолот.



САХАРИМЕТРИЯ — оптикалык активдүү заттардын (мис., канттын) эритмедеги концентрациясын аныктоо методу. Бул метод жарыктын поляризация тегиздигинин айлануу бурчу заттын концентрациясына жараша өзгөрө турганына негизделген. С-да өлчөгүч куралдын (канттуулукту өлчөгүчтүн) шкаласы түздөн түз канттын концентрациясын процент м-н эсептегидей болүккө (шкалага) болүнгөн. Ал эл аралык кант шкаласы б-ча аныкталат. Шкаланын 100 градусу (100°S) ак жарык м-н жарыктануу аркылуу 26,000 *г* таза сахарозанын 100 *мл* суудагы эритмесин 20°С темп-рада уз. 200 *мм* түтүкчөдө ченегендеги поляризация тегиздигинин айлануусуна туура келет. Бул метод сахариметр прибору м-н иштелип, тамак-аш ж-а хим., фармацевтика о. ж-нда кеципи колдонулат.

САХАРИН, *о*-сульфобензой кислотасынын имиди — таттуу даамы бар, түссүз кристаллдар, эрүү т 228—229°С. Сууда ж-а спиртте начар, ал эми С-дин натрий туздары сууда жакшы эрийт. Өндүрүштө *о*-толуолсульфамидди кычкылдантуудан алынат. Мурда С. канттын ордуна тамак-ашка жумшалган (кантка караганда 400—500 эсе таттуу, бирок организмге сиңбей сийдик м-н кошо чыгат). С. түрдүү заттарга (мис., тиш жуучу паста) таттуу даам берүү үчүн ж-а гальваникалык техникада колдонулат.

САХА ФОРМУЛАСЫ — газдын термиялык иондошуу даражасын (α) аныктоочу формула. Бул формуланы жылдыз атм-расындагы иондошуу кубулушун түшүндүрүү үчүн 1920-ж. индус физиги М. Саха түзгөн. Термодинамикалык тең салмактуу абалдагы начар иондошкон газ үчүн С. ф. төмөндөгүдөй жазылат:

$$\frac{\alpha^2}{(1-\alpha^2)} = \frac{2g_1}{g_a}\left(\frac{2\pi m}{h^2}\right)^{3/2}\cdot\frac{(kT)^{5/2}}{p}\cdot e^{-W_i/kT},$$

мында T — абс. темп-ра, P — газдын



М. Саякбаев.



Саякбай Каралаев.

басымы, W_1 — атомдун иондоштуруу энергиясы, g_i, g_a — нейтраль атомдун ж-а иондун статистикалык салмактары, m — электрондун массасы, k — Больцман туруктуулугу, h — Планк туруктуулугу.

САХНА (ар. сахна—оюн көрсөтүлүүчү жай), сцена (гр. skenе — чатыр, алачык, театрдын сахна аянты) — театр оюнунун жайы. С-нын азыркы түрү драматургиянын өсүшүнө, спектаклдер көргөзүүгө ж-а коюу шарттарынын өзгөрүшүнө байланыштуу калыптанган. Байыркы Грецияда оюн орхестрде (тегерек аянтчада) коюлуп, көрүүчүлөр аны айланта кырка отурушкан. *Эллинизм* доорунда актёрлор проскенийде, байыркы рим театрында просценнумда ойногон. О. кылымда оюндар шаар, кыштак аянтчаларында коюлган. С-нын азыркы түрү — үч жагы жабык, алдыңкы бети (кузгусу) көрүүчүлөрдү караган куту сыяктуу. С. көлөмү көзгүсүнүн (порталынын) өлчөмүнө жараша болот. Драма театрларынын планшеттери тегеренүүчү айлампалар м-н жабдылган.

САХЬЯНОВА Лариса Петровна (13. 2. 1930-ж. т., Бурят АССРи, Тункин р-ну, Кырен кыш.) — сов. балерина, СССР эл арт. (1963). 1937—42, 1945—46-ж. Москва хореография окуу жайында окуган. 1946-жылдан Бурят опера ж-а балет театрында солист (Улан-Удэ). Негизги ролдору: Сүйүмбике (Ф. Яруллин, «Шурале»), Жизель (А. Адан, «Жизель»), Одетта-Одиллия (П. Чайковский, «Ак куу көлү») ж. б. Ангаранын (Л. Киппер ж-а Б. Ямпилов, «Ангара сулуусу») партиясы үчүн ага РСФСРдин Глинка атн. мамл. сыйлыгы ыйгарылган (1972). 1966-жылдан Улан-Удэ хореография окуу жайында жетекчи ж-а окутуучу. Көп өлкөдө гастролдо болгон. СССР Жог. Советинин (7-шайл.) депутаты. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

САЯКБАЕВ Макиш (1938-ж. т., Ысык-Көл обл., Тоң р-ну, Оттук кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1971). 1968-жылдан КПСС мүчөсү. 1959-жылдан «Улахол» с-зунда баш чабан. СССРдин эл чарбасын өнүктүрүүнүн 8-беш жылдык планын орундатууда мыкты ийгиликтерге жетишкен. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

САЯКБАЙ Каралаев (1894, азыркы Ысык-Көл обл., Тоң р-ну, Ак-Өлөң кыш.— 1. 5. 1971, Фрунзе) — манасчы, Кыргыз ССР эл арт. (1939). Кедейдин үй-бүлөсүнөн. 12 жашынан атасы м-н бай-манаптарга жалчы жүргөн. 1916-жылкы үркүндө качкындар м-н Кытайга барып, кайра 1917-ж. келген. 1918—22-ж. ыктыяры м-н кызыл гвардиячылардын катарына кирип, Совет бийлиги үчүн Сибирде (Дутов м-н Анненковго каршы), Алматыда, Бухарада, Ашхабадда актарга, басмачыларга каршы салгылаштарга катышкан. 1922—31-ж. Ырдык ж-а Маман айылдык советтеринде пред-ль болгон. 1930-ж. респ-канын Эл агартуу комиссариаты тарабынан Фрунзе ш-на чакырылып келип, филармонияда (1935—54) артист болуп иштеген.

С-дын манасчылык шыгын ойготкон Дакиш аттуу чоң энеси болгон. Чоң энеси С-дын эскерүүсүнө караганда, ыр, жомокко шыктуу киши экен. С. 1918-жылдан «Манастан» үзүндүлөр айта баштаган. 1922-ж. белгилүү манасчы *Тоюкеве* жолугуп, андан «Манас» айтуунун ыкмаларын үйрөнгөн. Ал о. эле чоң манасчы Акылбектен да таалим алганын эскерет. Эл арасына «Манасты» адеп толук түрүндө 1925-жылдан тартып айткан.

1932—47-ж. С-дан «Манас» училгинин толук варианты («Манас» — 84 513 сап ыр; «Семетей» — 316 157 сап ыр; «Сейтек» — 84 697 сап ыр) ж-а «Сейтектин» уландысы Кенен, Алымсарык, Кулансарыктар ж-дө да 15 186 сап ыр жазылып алынган. С-дын варианттынын жалпы көлөмү — 500 553 сап ыр. Бул дүйнө элдеринө кеңири белгилүү Гомердин «Илиадасы» м-н «Одиссеясынан» 20 эсе, «Шах-Намеден» 5 эсе, «Махабхаратадан» эки жарым эсе чоң. Элдик мурасты терең өздөштүрүүдөн ж-а зор чыгылык шыктын күчүнөн жаралган бул вариант — «Манас» жомогунун жазылган варианттарынын толугу ж-а мыктыларынын бири. С-дын варианты «Манастын» салттуу окуяларын толук камтыганы, бай мазмуну, элдик терең идеясы, эң жог. көркөм деңгээли м-н өзгөчөлөнүп турат. С. «Манастын» белгилүү окуяларын үйрөнүп алып, жөн гана кайталап айтуу м-н чектелбей, анын мазмунун кеңейтип, көркөмүн арттырган чоң манасчы катары белгилүү. Анын варианттында башка варианттарга жакын, окшош, салттуу белгилер м-н катар эле манасчынын өз табылгасына, жеке түшүнүгүнө, көз карашына, чыгылык дареметине, шыгына байланышкан көрүнүштөр арбын. Мис., диний түшүнүктөр, айрыкча ислам-дын таасири алда канча аз; анын ордуна согуштук эпизоддор айрыкча көп берилип, кеңири мүнөздө, өзгөчө күч м-н таасирлүү суреттелот. Ушуга ылайык каармандардын башка сапаттарына карағанда баатырдык-эрдик сапаттарын мүнөздөөгө чоң орун берилип, өзгөчө ынта м-н сыпатталат. Бул өзгөчөлүк С-дын жигит курагында ак гвардиячыларга, басмачыларга каршы салгылаштарга катышып, согуш эпизоддорун жакшы билип, аскерлердин жеке эрдигин аралаша жүрүп көрүп, ошондон катуу таасир алып калганынан да чыкса керек.

С-дын варианты «Манастын» кыскартылып бириктирилген вариантын түзүүгө арбын пайдаланылган, ал эми анын үчүнчү болүмү — «Сейтек» — бүт С-дын варианты б-ча даярдалган. С. «Манас» м-н катар кенже эпосторду да айткан. «Төштүк» эпосу С-дын айтуусунда орус ж-а кыргыз тилдеринде жарык көрдү. Аның өзүнүн да төл чыгылары бар: «Бүркүттүн жомогу» (1953), «Унутулгус күндөр» (1954), «Делдеш баатыр» (1955), «Томор мерген» (1956), «Кубаттын көргөн азабы» (1958), «Карамолдо» (1962) ж. б. Бирок С. Союзга алды м-н атактуу манасчы катары белгилүү. Аның бул



1. Б. Жумабаев. «Баатырлар, айымдар» поэмасына фронтиспис. 1969. 2. В. Кошоев. «Семетейдин балалык чагы» поэмасына иллюстрация. 1970.

өнөрүн, таланттын, чеберчилигин «Манасты» изилдегендердин көбү жогору баалап, «20-кылымдын Гомери» деп, ысмын байыркы гректин легендалуу аади м-н катар коюшат. Акад. Чыңгыз Айтматов: «Эгер менден өз элиңдин улуу адамдарынан кимди билесиң? — деп сураса, мен биринчи кылып Саякбай Каралаевди айтаар элем»,— деп жазган. С. үч Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Эр Төштүк, Фр., 1958; Манас, 1-к-н (С. Орозбак уулу, М. Мусулманкулов ж. б-лардын варианттары м-н бирге), Фр., 1958; Манас, 1—2-т., Фр., 1958—59; Семетей, 3-к-н (Тоголок Молдо, Ш. Рысмендеевдердин варианттары м-н бирге), Фр., 1959.

Ад.: Киргизский героический эпос «Манас», М., 1961; «Манас» — героический эпос киргизского народа, Фр., 1968; Айтматов Ч., Он знает миллион строк океаноподобного «Манаса», «Советский Союз», 1964; № 1; ошонуку, Заманда-штар, агани-туугандар, «Кыргызстан маданияты», 1971, 12-май; Саякбай Каралаев, к-пте: Самаганов Ж., Советтик Кыргызстан жазуучулары. Био-библиогр. справочник, 2-бас., Фр., 1976, 328-б.

САЯН ТООЛОРУ Түш. Сибирдин ортоңку бөлүгүндө; Красноярск крайы м-н Иркут обл-нын түш., Тува АССРинин түн. ж-а Бурят АССРинин батыш бөлүктөрүн ээлейт. Чыгыш Алтай, Абакан кырка тоосу ж-а Кузнецк Ала-Тоосунан чыгышты карай Байкал көлүнө чейин созулат. Бир нече жарыш жайгашкан кырка тоолордон



Саян кырка тоосу. Усть-Ышкын д-ныи жогорку агымында.

турат. Тоо арасында туюк чуңкурдуктар бар. Кырка тоолордун бийик. түндүгүндө 500 *м*, түштүгүндө 900 *м*, борб. бөлүгүндө 2500—3000 *м* ж-а андан жогору (Мунку-Сардык массивинде 3491 *м*).

Орографиялык жактан С. т. Батыш Саян ж-а Чыгыш Саян тоолоруна бөлүнөт. Батыш Саян тоолору түн.-чыгышты карай 650 *км*ге созулуп, Казыр ж-а Уда д-лары башталган жерде Чыгыш Саян тоолоруна кошулат. Чыгыш Саян Енисей д-ныи сол жээгинен, Красноярск ш-ныи түш.-батышынан башталат да түш.-чыгыш тарапка 1000 *км*ге созулуп, Тунка чуңкуру аркылуу Байкал бою ж-а Забайкалье тоолорунан бөлүнүп турат. Батыш Саян м-н Чыгыш Саян бириккен жердин батышында Чулым — Енисей ж-а Минуса, түштүгүндө Тува ж-а Тожин чуңкурдуктары жайгашкан. Бийик. 2500—3000 *м* келген кырка тоолордун капталдары тик, кырлары аска зоокалуу. Акыркы муз каптоонун издери (кар, морена катмарлары ж. б.) сакталган. С. т. палеозойдун сланец, кумдук, эффузив ж-а метаморфизмделген (кристаллдуу сланец, кварцит, мрамор, гранит) тоо тектеринен турат. Кен байлыктары: темирлүү кварцит, темир ж-а жез рудалары, алтын, графит, асбест, слюда ж. б. Минералдуу булактар көп. Климаты кескин континенттик. Кышы узак ж-а ызгаардуу. Январдын орт. темп-расы тоо капталдарында —20°С, тоо арасындагы чуңкурдуктарда —30°С, июлдуку 10—12°С (тоолордо), 17—20°С (чуңкурдуктарда). Жылдык жаан-чачыны тоолордо 700—1200 *мм*, чуңкурдуктарда 300 *мм*. Ири дарыялары: Енисей, Абакан, Туба, Мана, Кан (Агул м-н). С. т-нын көчүлүк бөлүгүнө тоолуу тайга (кедр, кызыл карагай, пихта, карагай), чуңкурдуктарга талаа өсүмдүктөрү мүнөздүү. 1600—2100 *м* бийикке чейин токой өсөт, андан жогору тоо тундрасы, алын ж-а субалын шалбаасы кездешет. Айбанаттары: бугу, элик, күрөң аюу, тыйын чычкан, карышкыр, коён, түлкү ж. б. Дарыяларында ар кыл балыктар бар.

Ад.: Михайлов Н. И., Горы Южной Сибири, М., 1961; Средняя Сибирь, М., 1964; Геология СССР. Красноярский край. т. 15, М., 1964; Геология СССР. Бурятская АССР, т. 35, М., 1964; Алтае-Саянская горная область. История развития рельефа Сибири и Дальнего Востока, М., 1969.

САЯН-ШУШЬ ГЭСи — СССРдеги эң зор ГЭС. РСФСРдин Краснояр крайындагы Хакас АОнун Майна посёлкасында. 1975-жылдан Енисей д-ныи өрөөнүндө курулууда. Долбоордогу кубаттуулугу 6400 *Мвт* (640 *Мвт* дан 10 агрегат). Орт. жылдык энергия өндүрүмд. 23,8 млрд *квт·с* ГЭСтин плотинасынын бийикт. 242 *м*, уз. 1066 *м*. Жалпы көлөмү 31,3 *км*³ ж-а пайдалуу көлөмү 15,3 *км*³ суу сактагыч пайда болот. Даярдык иштери 1964-ж. башталган. Биринчи агрегаты 1978-ж. пайдаланууга берилген. Сибирь энергия системасына кошулат. С.-Ш. ГЭСи ири аймакташ-өндүрүш комплексин түзүүгө негиз болот.

САЯШКЕР — күлүк, жорго таптоочу адам. Мурда сынчы (мис., Толубай сынчы) деп да аталган. С. атты таптаганда арыгын эттендирип, семизин арыктатып, жем-чөбү м-н сууну күндө ченеп берген. Атты улам алыстатып чаап, машыктырып, суутуп чыраалткан. Айрым С. ат таналып сынга толгондо, ага акырындык м-н ат чабуучу баланы конуктургон. Бир С. бир же бир нече атты таптаган. Ар бир аттын турпатына, өзгөчөлүгүнө жараша ат таптоонун ар кандай ыкмасы (багуу, суутуу, таң ашыруу ж. б.) болгон. Мыкты С-лер ат таптоонун татаал сырын, өз тажрыйбасын шакиртине же балдарына үйрөткөн. Азыр деле колхоз, совхоздордун мелдешке катыша турган күлүктөрүн, жорголорун, таскактууларын ж-а улакка чаба турган аттарын С-лер тапташат.

Ад.: Симаков Г. Н., Киргизские национальные развлечения, «Советская этнография», 1977, № 4, с. 80.

САЯ САН КӨТӨРҮЛҮШҮ (1930—32) — Бирмадагы дыйкандардын антипомещиктик ж-а антиколон. чыгуулары. Жетекчиси Сая Сандын атынан аталган. С. С. к. 1930-ж. 22-декабрда башталып, 1931-жылдын ортосунда өзгөчө күчөп, Төмөнкү ж-а Жог. Бирманын көп жерин, о. эле Шан княздыгын кучагына алган. Көтөрүлүшчүлөр налогдорду алып таштоону, токойду эркин пайдалануу, Бирманы англ. эзүүдөн куткаруу талап кылган. Көтөрүлүш англ. аскерлер тарабынан аёсуз басылган. Сая Сан ж-а аның шериктери камалып, 1931-ж. ноябрда өлтүрүлгөн.

САЯСАТ (гр. politiká — мамл. же коомдук иш) — тап, улут ж. б. социалдык топтор ортосундагы мамилелер м-н байланышып, негизги максаты бийликти жеңип алып кармоо ж-а пайдалануу болгон ишмердиктин чөйрөсү. Мисалы, Мидеген жылдар бою саясий ишмердиктин табиятын чечмелөөгө нечен аракеттер жасалган. Бирок аның себептери адамдын табиятынан же дин, философиянын тарыхка сыйбаган түшүнүктөрүнөн ойлонуп чыгарылган. С-тын ил. чечмелениши, аның ил. калыптанышы марксизм пайда болгондон кийин гана мүмкүн болду. Тарыхты материалистче түшүнүү таптардын социалдык ордун ж-а ролун ачуучу саясий мамилелер өзүнүн маңызы б-ча таптык болуп саналат деген жыйынтыкка алып келди. Таптар жашап турганда С. да коомдук ишмердиктин өзгөчө бир түрү катары жашайт. Таптардын талабы саясий кызыкчылыктын мазмунун белгилейт. Социалдык турмуш канчалык татаалданып, таптар ж. б. коомдук топтор өз кызыкчылыгын баамдаган сайын коомдун саясий надстройкасы калыптанып, уюмдар м-н мекемелер пайда боло баштаган. Аның алкагында саясий ишмердик, мамлекет, саясий партиялар келип чыккан. Марксизм-ленинизм көз карашынан алып караганда С. практикалык мамилелер ж-а идеология катары экон. процесстер м-н шартталып, коомдун экон. базисине надстройка болуп турат. Экон. кызыкчылык саясий иш-аракеттерге социалдык себепкер болуп кызмат кылат. С. экономиканы жөн гана чагылдырбастан, андагы башкы ж-а негизги белгилерди болуп кароого мүмкүндүк түзөт. Бул процесс чаржайыт өтүп, көп учурда экон. байланыш м-н кызыкчылыктын саясий чагылышын бурмалоого алып келет. Ошондуктан С. м-н экономиканын өз ара катнашын ил. мамиле гана туура чагылдырат. Саясий ишмердик экон. ишмердиктин туундусу болгону м-н кандайдыр бир даражада өз алдынчалыкка ээ. С. м-н экономиканын карым-катнашын туура түшүнбөө марксизмден чегинүүлөрдүн себеби болот. Бир жактуулук м-н экон. факторлорду гана көңүлгө алып, саясий аракеттердин ролун кемитүү борб. бийликтин ишкерсиздигине алып келет. Ал эми экон. таланттары бар албай, саясий чечимдер м-н ураандардын чексиз күчүнө ишенүү саясий жетекчиликти адилеттик негизден ажыратып, калыссыздыкка жол берет. С. таптардын экон. ж. б. керектөөлөрүнүн көрүнүшү болуу м-н бирге надстройканын бардык жактарына орчундуу таасир тийгизип, прогрессчилдик м-н эскичилдикти бөлүп чек коёт. Тап күрөшү канчалык курчуган сайын нукура саясий чөйрого кирчү маселелер ошончолук көбийт. Азыр дүйн. масштабда бир коомдук-экон. формация экинчиси м-н алмашып, бардык социалдык турмушту өз кучагына алган «саясатташтыруу» процесси жүрүп, адамзат алдында турган ири, актуалдуу маселелер саясий мүнөзгө ээ болууда. С. тышкы ж-а ички болуп бөлүнөт. Тигил же бу мамлекеттин тышкы саясий курсу негизинен аның ички саясатынын мүнөзү, таптык табияты м-н багытталат. Саясий жетекчиликтин структурасы жалпы жонунан төмөнкү моменттер м-н мүнөздө-

лөт. Биринчиден, саясий жетекчилик келечек ж-а жакынкы милдеттерди коюп, аны белгиленген мөөнөттө чечүүнү; экинчиден, коомдук ишмердиктин ж-а уюмдун иш жүргүзүү методдору м-н ыкмаларын иштеп чыгууну талап кылат; үчүнчүдөн, саясий жетекчилик белгиленген милдеттерди түшүнүүгө ж-а аткарууга жөндөмдүү кадрларды тандоо, жайгаштыруу зарылдыгы м-н байланышкан. Илимий С. тарыхый өнүгүүнүн закон ченемин чечмелеген маркстик-лениндик теорияга таянат. Социализм шартында ил. саясаттын негизги мазмуну — социалдык башкаруу маселеси. Саясий теория саясий ишмердикке жалпы багыт бергени м-н көп түрдүү окуяларды бүт бойдон өзүнө камтып, баяндап бере албайт. Ошондуктан С.— жалаң гана илим эмес, кылдат өнөр. С. экономика же мад-тка караганда тарыхый өтмө мүнөзгө ээ. Качан гана коомдо социалдык бир түрдүүлүк орногондо С. адам ишмердигинин өзгөчө бир түрү катары өз жашоосун токтотот.

Ад.: Маркс К., К критике гегелевской философии права, Маркс К., Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 1; Ленин В. И., По поводу одной статьи в органе Бунда, Полн. собр. соч., 5 изд., т. 14; Аваров Н. И., В. И. Ленин о политике как общественном явлении, М., 1971.

САЯСИЙ АГАРТУУ КАБИНЕТТЕРИ 1956-ж. шаарком, райком ж-а КПССтин ири баштапкы парт. уюмдарына каратуу парт. китепканалардын базасында түзүлгөн. Пропагандист, докладчы, агитколлективдин жетекчилерине, о. эле маркстик-лениндик теорияны окуп, үйрөнүп жаткан коммунист ж-а партияда жокторго теориялык ж-а методикалык жардам көрсетүүгө багытталган. С. а. к-нде доклад, семинар, лекция ж. б. уюштурулат. Марксизм-ленинизмдин теориялары өз алдынча окуп, үйрөнүп жаткандарга лекция, консультация, конф-ялар өткөрүлөт. С. а. к-нин китепканаларында коомдук-саясий ад-т, газета, парт. журнал, диафильмдерди көрсөтүү үчүн фильмоскоп ж. б. бар. 1973-ж. 6400дой С. а. к-нин 182си *саясий агартуу үйү* болгон. Кырг-ндагы 101 С. а. к-нин 4үү саясий агартуу үйү (1979-ж. 1-янв.).

САЯСИЙ АГАРТУУ ҮЙҮ — КПССтин пропагандист кадрларына теориялык ж-а методикалык жардам көрсетүүчү борбор. С. а. ү. 1956-ж. партиянын шааркомдорунун парт. китепканаларынын негизинде түзүлгөн. Парт. комитеттердин жетекчилиги м-н иш жүргүзөт. С. а. ү-нөн пропагандистер, лекторлор, агитколлективдердин жетекчилери ж. б-лар методикалык жардам алат. Алар үчүн семинар, лекция, конф-я, консультация өткөрүлөт. Көчүлүк С. а. ү-нде КПСС тарыхы, философия, саясий экономия, эл аралык маселелер ж. б. б-ча кабинеттер бар. Алар парт. комитеттердин жетекчилиги м-н пропагандист кадрларды даярдоо ж-а кайрадан даярдоо ишин уюштурат, парт. пропагандаңын тажрыйбаларын жайылтуу ж-а үйрөнүү б-ча иш жүргүзөт. С. а. ү-нүн китепканалары пропагандисттерди коомдук илимдер б-ча жаңы китептер м-н тааныштырып, областтын, крайдын ж-а респ-канын эл чарбасы м-н мад-тынын өнүгүшү ж-дө жерг. материалдарды чогултат. О. эле пропагандисттер м-н иштөөнүн формаларын ж-а методдорун дайыма өркүндөтүп турат. КПССтин шаарком ж-а райкомдорунда, парт. при уюмдарда *саясий агартуу кабинеттери* иштейт. Кырг-нда 4 С. а. ү. (1979-ж. 1-янв.; Кырг-н КП БКга караштуу, о. эле Кырг-н КПнин Ош, Ысык-Көл, Нарын обкомдорунда) иштейт.

САЯСИЙ-АДМИНСТРАТИВДИК КАРТАЛАР мамлекеттердин же алардын болукторүнүн саясий админ. түзүлүшүн чагылдырат. Карта аймактын саясий ж-а админ. бөлүнүшүн (саясий ж-а админ. бирдиктердин аймактык жайгашуусун), мамл. түзүлүшүн ж-а башкаруу формасын, саясий, стратегиялык ж-а админ. борборлорун, эл аралык, мамл. ж-а жерг. байланыштарын көрсөтөт. С. а. к. справочник, чарб. уюштуруу, окуу иштеринде ж. б. тематикалык карталарды түзүүдө колдонулат. СССРде өлкөнүн саясий админ. (масштабы 1:4 000 000, 1:5 000 000, 1:8 000 000), респ-каның, АССРдин, край ж-а областтын саясий админ. ж-а админ. карталары (1:600 000ден 1:2 500 000ге чейин) чыгарылат.

САЯСИЙ БӨЛҮМДӨР — парт.-саясий органдар; КПСС БК тарабынан армияда ж-а соц. курулуштун эң маанилүү жерлеринде (1933—56) саясий иштн ж-а парт. жетекчиликти чыңдоо максатында уюшулган. С. б. МТСте, совхоздордо, т. ж. ж-а суу транспортунда түзүлүп, партиянын БКсынын өзгөчө инструкциясынын негизинде иштеген. С. б-дү жетектөө БКнын өндүрүштүк-тармактык бөлүмдөрү же атайын уюшулган саясий башкармасы ж-а саясий секторлору аркылуу жүргүзүлгөн. ВКП(б) БК ж-а БККнын Бириккен пленумунун (1933) чечими м-н С. б. МТС м-н совхоздордо түзүлгөн. 1933—34-ж. СССРде 17 миң адам эмгектенген 3368 МТСте, 8 миң адам эмгектенген 2021 совхоздо С. б. болгон. Кырг-нда 1933-жылдын 1-жарымында С. б. дан ж-а пахтачылык МТСтеринде, жылдын аягында бардык МТСтерде уюштурулган, 1934-ж. 24 МТСте ж-а 40 совхоздо түзүлгөн. Респ-каның С. б-үндө ар биринин пускасы 600—1500 болгон 9 газета чыккан (1933). С. б. колхоз-совхоздорду чарб.-уюмдаштыруу жактан чыңдоо, айыл-кыштактын эмгекчилерин коммунисттик духта тарбиялоо б-ча зор иштерди жүргүзгөн; кыштактарда парт. пропагандаңы жакшыртууда, соц. мелдешти уюштырууда бир топ салым кошкон. ВКП(б) БКнын 1934-жылкы Ноябрь пленумунун чечими м-н МТСтердеги С. б. таратылган. Улуу Ата Мек. согуш (1941—45) жылдарында кыштактарда парт. уюмдардын кыскарышына ж-а согуш мезгилинин кыйынчылыгына байланыштуу 1941-ж. ноябрда МТС м-н совхоздордо С. б. түзүлүп, өз милдетин аткарган соң 1943-ж. майда жоюлган. Бирок 1948-ж. т. ж. ж-а суу транспортунда С. б. кайрадан түзүлүп, 1956-жылга чейин иштеген.

С. б. ж-дө жобо ВКП(б)нин Уставына киргизилген (1934). Парт. ички демократиянын кеңейишинен, эл чарбасынын бардык тармактарында парт. уюмдардын жетекчилик ролунун күчөшүнөн ж-а жоопкерчиликтин жогорулашынан улам КПСС БК 1957-ж. Сов. Куралдуу Күчтөрдөн башка бардык ведомстволордо С. б-дү жойгон.

Ад.: КПСС в резолюциях и решениях съездов, конференций и пленумов ЦК, 8 изд., т. 5—6, М., 1971; История КПСС, т. 4, кн. 2, т. 5, кн. 1, М., 1970—71; Дүйшемалиев Т., Победа ленинского плана социалистического преобразования сельского хозяйства в Киргизии, Фр., 1971.

САЯСИЙ ГЕОГРАФИЯ дүйнөдөгү, о. эле бир өлкөнүн ичиндеги саясий (коомдук) күчтөрдүн (социалдык экон. структурасына жараша) өз ара катнашын ж-а аймак б-ча жайгашуусун изилдейт. С. г. өлкөлөрдүн аймактык түзүлүшү, мамл. чек арасы, тарыхый админ. обл-тары ж-дөгү маселелерди да карайт. «С. г.» терминин Россияда 1-жолу В. Н. Татищев, М. В. Ломоносов пайдаланышкан.

САЯСИЙ ДЕМОНСТРАЦИЯ — коомдук пикирдин, элдик салтанаттын, саясий талаптардын (жүрүш, митинг ж. б.) массалык туюнтулушу. С. д. 17—18-к-да бурж. рев-я доорунда кеңири таркалып, 19-к-да пролетариаттын саясий күрөшүнүн көрүнүктүү формасына айланган. Муну 1831—34-ж. Лион токуучуларынын көтөрүлүшү, чартисттер кыймылы, 1848-жылдагы рев-ядан ж-а *Париж коммунасынан (1871)* даана көрүүгө болот. С. д. империализм тушунда өтө курч мүнөздө болуп, метрополия м-н колонияларда эмгекчи эл массасынын социалдык ж-а улуттук эзүүгө каршы, социализм, прогресс, демократия үчүн күрөшүнүн негизги куралына айланган. Россияда С. д. 19-к-дын 60—70-жылдарында пайда болуп, ага адеп интеллигенция, бара-бара жумушчулар катыша баштаган. Ири С. д-лар жумушчу табынын саясий күрөшүнүн негизги куралы катары Россиядагы үч рев-я мезгилдеринде (1905—07-жылдардагы, 1917-жылдагы Февр. бурж.-демокр. ж-а Улуу Окт. соц. рев-ялары) кеңири өткөн.

Улуу Окт. соц. рев-ясы ж-а бир катар өлкөлөрдө соц. рев-яның жеңишинен кийин С. д-нын мүнөзү түптамырынан бери өзгөрдү. Ал эл аралык ж-а улуттук тарыхый маанинге ээ болгон чоң окуяларды майрамдоонун жалпы элдик салтанатына айланды. СССРде ж-а социализм өлкөлөрүндө 1-Май ж-а элдик соц. рев-ялардын жеңген жылдыктары жалпы элдик

майрам күн катары С. д. аркылуу өткөрүлөт. СССРдин, башка соц. өлкөлөрдүн эмгекчилери С. д-ны эл аралык империализмдин агрессиячыл саясатына каршы, өздөрүнүн кыжырдануусун билдирүүнүн, тынчтык, демократия ж-а социализм үчүн күрөшүнүн куралы катары пайдаланууда.

САЯСИЙ ЖЕТЕКЧИ—1) ротанын (батареянын, эскадрондун) саясий кызматкери, чынында болуктун аскер комиссарынын жардамчысы. С. ж. ишту (кызматы) Кызыл Армия болуктөрүнүн болукчолорүндө 1919-ж. киргизилген. Кызыл Армия болукчолорүндөгү саясий кызматкердин — Компартия өкүлдөрүнүн кызматынын аты. 1942-ж. С. ж. ордуна командирлердин саясий иштер б-ча орун басар кызматы киргизилген. 2) СССР БАК ж-а ЭКС 1935-ж. 22-сентябрда киргизген саясий составдын аскердик наамы (кенже С. ж., С. ж., ст. С. ж. деген наам) болгон. Бардык С. ж-лерге офицердик наамдар берилгенге байланыштуу 1942-ж. 9-октябрда алынып ташталган.

САЯСИЙ ПАРТИЯ — коомдук таптын кызыкчылыгын билдирип, аны активдүү өкүлдөрүн бириктирген ж-а белгилүү бир максатка, идеалга жетектеген саясий уюм. С. п.— таптык уюмдун жог. формасы. Аның пайда болушу ж-а өнүгүшү коомдун тапка болүнүшүнө, өзгөчө саясий бийликти ээлөө үчүн болгон тап күрөшүнүн тарыхына байланыштуу. С. п. кайсы бир таптын идеологдору аның түпкү жалпы кызыкчылыгын баамдап, белгилүү концепция ж-а саясий программа түрүнө келтирген кезде пайда болот. Ал таптык же социалдык топту агартын ж-а уюштурун, алардын аракеттерине уюмдашкан, максатка багытталган мүнөз берет. Кул ээлик ж-а феод. коомдо эзүүчү таптардын ар түрдүү катмарларының кызыкчылыгын көздөгөн сословиелик саясий топтор жашаган. Эмгекчи таптар ушул тарыхый мезгилде экон. бытырандыланып, духовный басылгандыктан өз алдынча С. п. түзө алган эмес. Капитализмде (19-к-дын ортосунан) саясий үстөмдүк үчүн күрөштү пролетариат м-н буржуазия өздөрүнүн С. п-лары аркылуу ишке ашырат. Парт. система бурж. мамл. бийлик механизминин составдык бөлүгүнө айланат.

Антагонисттик таптарга бөлүнгөн бурж. коомдун шартында ар түрдүү С. п-лардын жашашы закон ченемдүү көрүнүш. Көп партиялуулук система таптар ортосундагы карама-каршылыкты ж-а бир таптын ичинде ар түрдүү катмар, топтор бардыгын чагылдырат. Азыркы көптөгөн бурж. мамлекеттердин парт. системасында үстөмдүк абалды монополисттик капиталдын партиялары ээлейт. Көчүлүк бурж. өлкөлөрдө с.-д. партиялар олуттуу саясий күчкө ээ (Улуу Британия, ГФР, Австрия, Бельгия, Скандинавия өлкөлөрү ж. б.). Бирок көпчүлүк с.-д. партиялар өздөрүнүн программаларында марксизмден баш тартып, социализмге жалаң гана реформа аркылуу жетүүгө, таптык карама-каршылыктарды элдештирүүгө үгүттөшөт. Бардык эмгекчилердин түпкү кызыкчылыктарының бирдейлиги монополисттик күчкө каршы күрөштө коммунисттер м-н социал-демократтар ортосунда байланышты ж-а кызматташтыкты талап кылат. Бурж. партиялардын уюштуруу түзүлүшүнө бюрократиялык централизм мүнөздүү.

Коммунисттик коомду курууда жумушчу табы уюмдашуу формасы, иш-аракетинин методу б-ча башка таптардан кескин айырмаланган өз алдынча С. п-га биригет. Аның идеологиясы, программа ж-а тактикасы маркстик-лениндик ил. көз карашка негизделген. Жумушчу табынын С. п-сынын тарыхый ролу, милдеттери ж-а түзүлүш принциптери К. Маркс, Ф. Энгельс тарабынан *«Коммунисттик партиянын манифестинде»* (1848) аныкталган. Жумушчулар партияларының биринчи эл аралык бирикмеси — 1-Интернационал жумушчулардын эл аралык уюмунун капиталга рев-ялык чабуулу катары маанилүү милдет аткарган. 2-Интернационал пролетардык кыймыл кеңири кулач жайып баратkан кезде оң роль ойногон эл аралык уюм болгон.

Соц. рев-я түздөн түз милдет болуп турган жаңы тарыхый доордо 2-Интернационалдан кескин айырмаланган жаңы типтеги жумушчу партиясын түзүү зарылдыгы пайда болгон. В. И. Ленин марксизмди империализм доруна ылайык чыг-лык м-н өнүктүрүп, жумушчу табынын рев-ялык уюмунун жог. формасы партия ж-дө бүтүндөй бир окуу түзүп, аның теориялык ж-а уюмдашуу негизин, большевизмдин стратегиясы м-н тактикасы, парт. турмуштун нормасын ж-а парт. жетекчиликтин принциптерин иштеп чыккан. Биринчи жолу В. И. Ленин башында турган россиялык марксчылардын жаңы типтеги партиясы түзүлгөн (1903). Көчүлүк капит. өлкөлөрдө коммунисттик партияларды түзүү процесси жайыла баштаган. 20-к-дын 20—30-жылдарында жетекчи кадрларды түзүүдө, тарбиялоодо ж-а коммунисттик партиялардын программалык ж-а тактикалык багытын иштеп чыгууда 3-Интернационал чоң роль ойногон. Ал таратылган соц коммунисттик ж-а жумушчу партиялар жетекчилердин эки тараптуу ж-а регионалдуу жолугушуулары, эл аралык кеңешмелер өткөрүү сыяктуу кызматташтыктын жаңы формаларын иштеп чыгышты (к. *Коммунисттик жана жумушчу партиялардын кеңешмелери).* Коммунисттик ж-а марксчыл-ленинчил жумушчу партиялар—демократия, тынчтык, улуттук көз каранды эместик ж-а социализм үчүн күрөштө уюштуруучу ж-а жетекчи күч.

Коомдук өнүгүштүн жүрүшүндө жумушчу партиялардын өзү да өнүгөт. СССРде социализм толук ж-а биротоло жеңип, өнүккөн соц. коом түзүлгөндөн кийин Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы бүткүл элдик партияга айланды.

Ад.: Маркс К., Энгельс Ф., Коммунисттик партиянын манифести, Фр., 1967; Ленин В. И., Социал-демократиялык партиянын программасынын долбоору жана аны түшүндүрүү, Чыг., кырг. 1-бас., 2-т.; Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Программасы, Фр., 1972; КПССтин XXV съездинин материалдары, Фр., 1977; Владимир Ильич Ленинди тулгаң күнүнүн 100 жылдыгына карата. Документтердин жана материалдардын жыйнагы, Фр., 1970; Азыркы этапта империализмге каршы күрөштүн милдеттери жана коммунисттик, жумушчу партиялардын, антиимпериалисттик бардык күчтөрдүн аракеттеринин биримдиги. Коммунисттик жана жумушчу партиялардын Москвадагы эл аралык кеңешмеси. 1969-жылы 17-июнда кабыл алынган негизги документ, Фр., 1969.

САЯСИЙ ЭКОНОМИЯ — материалдык байлык өндүрүү, бөлүштүрүү, айырбаштоо ж-а керектөө процессинде пайда болуучу коомдук мамилелерди, о. эле адам коомунун өнүгүшүндөгү экон. закондорду изилдөөчү илим. «С. э.» терминин 1615-ж. франц. меркантилист А. Монкретьен киргизген.

І. С. э-ның пайда болушу ж-а өнүгүшү. Экон. процесстерди ж-а кубулуштарды изилдөө б. э-да пайда болгон. С. э. өз алдынча илим катары капитализмдин алгачкы мезгилинде калыптанган. Капитализмдин ар кандай көрүнүшү ж-а мамлекеттик экон. саясатын негиздөө ж-дө адеп *меркантилизм* өкүлдөрү ой жүгүртkөн. Алар телчил келе жаткан буржуазиянын, эң оболу соода буржуазиясынын кызыкчылыгын чагылдырган. Меркантилизм тышкы сооданы гана изилден, аны байлыктын негизги булагы деп эсептеген. Бирок товар жүгүртүү чөйрөсүн талдоодон өндүрүү чөйрөсүн ж-а анын ички закон ченемин иликтөөгө өтүү С. э-ның илим катары пайда болушуна негиз түзгөн. Бурж. С. э. өнүгүшүнүн жог. чеги — *классикалык буржуазиялык саясий экономия* [У. Петти, А. Смит, Д. Рикардо (Улуу Британия), П. Буагильбер, Ф. Кенэ (Франция)]. Булар капитализмдин өнүгүшүнүн объективдүү закондорун талдоого, товар, нарк, акча, эмгек акы, пайда ж-а рентанын экон. мазмунун ачууга аракет кылышкан.

Классикалык бурж. С. э. наркты эмгек теориясын негиздөөгө жол ачкан. В. И. Ленинди мүнөздөмөсү б-ча классикалык бурж. С. э.— марксизм булактарының бири. Классикалык бурж. С. э. капит. өндүрүш ыгы жаңыдан калыптанып келе жаткан ж-а пролетариат тап күрөшүнүн али бышып жете элек мезгилиндеги буржуазиянын идеологиясын чагылдырып, эски феод. тартипке каршы багытталган. Капит. өндүрүш ыгынын пайда болушу, аның карама-каршылыгынын курчушу, жалданма эмгек м-н капиталдын карама-каршылыгының өсүшү, буржуазиянын прогресс-

чил таптан реакциячыл ташка айланышы *вульгардык саясий экономиянын* чыгышына негиз болгон. Вульгардык С. э. Т. Р. Мальтус, Ж. Б. Сей ж-а Ф. Бастианын эмгектеринен башталат. Ал капит. өндүрүш ыгынын өнүгүшүнүн объективдүү закондорун талдоодон баш тартып, экон. кубулуштарды гана изилдөө м-н чектелген. Вульгардык С. э. нарктын эмгек теориясын жокко чыгарып, капитализмдин карама-каршылыктарын танат да, таптардын кызыкчылыгы «шайкеш» келет деп үндөйт. Капит. коомдо шаар м-н кыштактагы майда товар өндүрүүчүлөрдүн экон. кызыкчылыгын ж-а көз карашын майда бурж. С. э. чагылдырат (Ж. Ш. Л. С. *Сисмонди* (Швейцария) ж-а П. Ж. *Прудон* (Франция). Булар капит. өндүрүш ыгынын карама-каршылыгын сынга алышканы м-н андан кутулуу жолун алга, социализмге барууган эмес, күнү бүткөн, чарб. турмуштун эскирген формасына кайрылуудан көрүшкөн. Капитализмдин өнүгүшү м-н майда бурж. С. э. утопиячыл ж-а реакциячыл боло берет.

19-к-дын 2-жарымында ж-а 20-к-дын башында бурж. С. э-да бир топ мектеп (агым) пайда болгон: австриялык (К. Менгер, Ф. Визер), англ. (А. Маршалл), амер. (Ж. Б. Кларк). Бул мектептер капит. түзүлүштү жакташып, анын түбөлүктүү экендигин далилдөө м-н алек. Капиталзмдин империализм стадиясына өтүшү ж-а анын жалпы кризисинин өнүгүшүнүн патыйжасында бурж. С. э. терең кризиске учуроодо. Анын көрүнүштөрүнүн бири — *конвергенция теориясы*. Бул теория боюнча социализм м-н капитализм улам бири бирине жакындашууда имиш.

К. Маркс ж-а Ф. Энгельс түзгөн пролетардык С. э. — чыныгы ил. ж-а партиялуу. Ал өзүнө чейинки экон. ойдун эң алдыңкы жетишкендиктерин сиңирип, аны улам өнүктүрөт. К. Маркс м-н Ф. Энгельс тарыхты матер. түшүнүүнү экон. турмушка пайдаланып, коом өнүгүшүнүн объективдүү закондорун ачып ж-а кошумча парк теориясын түзүп, С. э-да рев-ячыл төңкөрүш жасашты. Марксчыл (пролетардык) С. э. адегенде капит. өндүрүш ыгынын өндүрүш мамилелерин изилдөөчү илим катары чыккан (тар мааниде). Акырындап капитализмден мурдагы өндүрүш ыгы ж-дө билимдин топтолушу м-н тарыхый бири бирин алмаштырып туруучу өндүрүш ыгынын өндүрүш мамилелерин талдоочу, терең маанилүү С. э. калыптанган.

Маркстик С. э-ның өнүгүшүндөгү жаңы этап коомдук өнүгүүнүн жаңы тарыхый тажрыйбасынын негизинде С. э. теориясын чыг-лык м-н өнүктүргөн В. И. Лениндин эмгектерине байланыштуу. Ленин монополисттик капитализм (империализм) ж-дө илим түзүп, анын экон. мацызын ж-а негизги белгилерин ачкан. В. И. Ленин-дин марксизмдин экон. теориясына киргизген зор салымы — социализмдин С. э-сының негизин түзүшү. Ал капитализмден социализмге өткөөл мезгил, соц. экономиканы түзүү жолдору, соц. индустриялаштыруу, а. ч-да дыйкан чарбаларын кооперативдештирүү аркылуу (к. *Ленин-дин кооперация планы*) соц. негизде кайра куруу, социализмдин экон. негизи, соц. чарбанын формалары ж-а методдору ж-дөгү теориляны иштеп чыккан. Маркстик С. э.— чыгармачыл, тынымсыз өнүгүп туруучу илим. Ал КПССтин ж-а бир тууган марксстик-лениндик партиялардын теориялык иштеринин, алардын эл аралык кеңешмелерде коммунисттик ж-а жумушчу партиялар м-н бирдикте кабыл алган документтеринин негизинде өнүгүүдө. С. э-ның маанилүү проблемаларын иштеп чыгууга Сов. Союзунун ж-а башка өлкөлөрдүн марксчыл окумуштуулары зор салым кошууда.

II. Марксткик саясий экономиянын предмети жана методу. С. э.— марксизм-ленинизмдин составдык бөлүктөрүнүн бири (философия ж-а ил. коммунизм м-н бирге). Марксткик (пролетардык) С. э. ар түрдүү, тарыхый биринин ордун бири басуучу өндүрүш ыгына мүнөздүү өндүрүш мамилелерин изилдейт. Өндүрүш мамилелерин С. э-ның предмети катары бөлүү — марксизмдин зор жетишкендиктеринин бири. Марксизм таанымдын чыныгы ил. методун — матер. диалектика методун (к. *Диалектикалык материализм)* түзүп, аны коомдук өндүрүш мамилелерин талдоодо колдонду. С. э.— жумушчу табынын капитализмди жок кылып, коммунисттик коомду куруудагы идеол. куралы.

III. Капитализмге чейинки формацияларды саясий экономиясы. Капитализмге чейинки формацияларды С. э-сын негиздөөнү К. Маркс м-н Ф. Энгельс баштаган. Капитализмге чейинки формацияларды С. э-сы алгачкы жамаат, кул ээлик ж-а феод. коомдорунун С. э-сын камтыйт. Ал өндүрүш ж-а айырбаштоо, жеке менчик ж-а таптардын пайда болуу ж-а өнүгүү процесстерин, өндүрүштүн өнүгүшүн башкаруучу экон. закондорду талдайт. Бул коомдордо өндүрүч күчтөрдүн өнүгүү деңгээлине жараша уруулук, кул ээлик ж-а феод. менчик ж-а мамилелер орун алган.

IV. Капитализмдин саясий экономиясы. Капитализмдин С. э-сы өндүрүштүн капит. ыгынын пайда болуу, өнүгүү ж-а соозуа жок болуу закон ченемдерин изилдейт. Капит. өндүрүш ыгын мүнөздөөчү закондор м-н категориялар системасын Маркс «Капиталда» ачык көрсөтүп, бурж. өндүрүш мамилелерин изилдөөнү товарды талдоодон баштаган. Анткени товар капиталдан мурда пайда болгон. Товардын эки касиети бар: наркы ж-а керектөө наркы. Ушундан улам товарды өндүргөн эмгек да экилтик мүнөздө болот. Маркстын эмгектин экилтик мүнөзүн (абстрактуу ж-а конкреттүү эмгек) ачышы капитализмдин С. э-сын түшүнүүгө негиз болот. Эмгектин экилтик мүнөзүн аныктоо Маркска наркты өнүгүү формаларын тактоого ж-а акчанын пайда болушун, анын жалпы эквивалентке ээ мацызын, милдетин ачууга мүмкүнчүлүк берген.

Капитал — өзгөчө, тарыхый белгилүү өндүрүштүк мамиле. Капиталдын жалданма эмгекти эзиши — кошумча парк түзүү булагы. Капитал туруктуу ж-а өзгөрмө болуп бөлүнөт. Өзгөрмө капиталдын наркы эмгек процессинде кошумча наркты өлчөмүнө жараша көбөйө берет. Кошумча наркты өзгөрмө капиталга катышы капиталдын жалданма эмгекти эзүү деңгээлин мүнөздөйт. Кошумча наркты бөлүгүн капиталга айландыруудан капитал топтолот. Өзгөрмө капиталга салыштырганда туруктуу капиталдын тез өсүшү капит. коомдо бир жагынан байлыкты көбөйтсө, экинчи жагынан, жакырчылыкты, жумушсуздукту күчөтөт. Кошумча нарк өндүрүү капитализмдин негизги экономикалык закону. Капит. өндүрүш ыгы техниканы колдонуунун негизинде өндүргүч күчтөрдүн олуттуу өсүшүнө, ишканалардын кеңейишине, эмгектин коомдук бөлүнүшүнө алып келет. Өндүрүштү жалпылаштыруу ж-а өндүргүч күчтөрдү өнүктүрүү — капитализмдин тарыхый миссиясы. Бирок өндүрүш каражаттарының капит. менчик болушу өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүнүн белгилүү этабында ага тоскоол кылат. Капитализмдин негизги карама-каршылыгы — өндүрүштүн коомдук мүнөзү м-н эзлеп алуунун жеке капит. формасының ортосундагы карама-каршылык терендейт. Өнүгүүнүн объективдүү закон ченеми бул карама-каршылыктын чечилишин, б. а. капит. өндүрүш ыгынын коммунисттик өндүрүш ыгы м-н алмашылышын талап кылат. Ошону м-н бирге бурж. коомдо мындай алмашууну ишке ашырууга жөндөмдүү жумушчу табы пайда болот. 19-к. м-н 20-к-дын тогоолунда капитализм өнүгүүнүн жаңы стадиясына — империализмге өттү; 20-к-дын экинчи он жылдыгында жалпы кризиске учурады. Кризис капит. системаны бүт, анын экономикасын, саясатын, идеологиясын кучагына алды. Империализмдин колония системасы ыдырай баштады. Мамл.-монополисттик капитализм өстү.

V. Социализмдин саясий экономиясы. Социализмдин С. э-сы — коммунисттик өндүрүш ыгынын С. э-ның бир бөлүгү. Ал капитализмден социализмге өтүү мезгилиндеги көп укладдуу экономиканын өндүрүш мамилелерин изилдеп, коммунисттик өндүрүш ыгынын биринчи фазасына таандык коомдук өндүрүштүн өнүгүшүнүн закон ченемин (соц.

өндүрүш мамилелер системасын, экон. закондордун таасирин ж. б.) ачып көрсөтөт.

Социализмдин С. э-сы талдоочу объектилердин негизинен — соц. өндүрүш мамилелер ж-а коомдук *социалисттик менчик*. СССРде ж. б. соц. өлкөлөрдө коомдук соц. менчиктин эки — мамл. ж-а кооперация түрү бар. Коомдук соц. менчик соц. өндүрүштүн элдин кызыкчылыгына баш ийдирилгендигин ж-а чарбанын пландуу, пропорциялуу өнүгүшүн шарттайт. Социализмдин С. э-сы бардык же бир катар коомдук экон. формацияга таандык экон. закондордун социализм шартындагы таасирининн өзгөчөлүктөрүн иликтейт. Социализмдин С. э-сында товар-акча мамилелерин ж-а аларга таандык экон. закондорду пландуу башкарууну изилдөө маанилүү орунду ээлейт. Социализмдин С. э-сы бүт коомдук кайра өндүрүүгө тийиштүү категорияларды ж-а закондорду, о. э. алардын өндүрүү, бөлүштүрүү, айырбаштоо ж-а керектөө сыяктуу айрым тармактарын, соц. экономиканы пландуу башкаруу системасын изилдейт. С. э. м-н катар экон. илимдердин көп тармактуу системасы (эл чарбасын пландаштыруу, экономиканы башкаруу теориясы, статистика, финансы ж-а кредит ж. б.) өнүгүүдө.

Социализмди ж-а коммунизмди курууда С. э-ның маанилүү ж-а улам жогорулап бара жаткан ролун эске алып, аны дагы өнүктүрүү б-ча КПСС дайыма камкордук көрүп келе жатат. Партия илимпоз-экономисттердин көңүлүн объективдүү экон. закондорду практикада пайдалануунун натыйжалуу формаларын ж-а методдорун иштеп чыгууга буруда.

Ад.: Маркс К., Капитал, т. 1—3, Маркс К., Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 23, 24, 25; его же, Теории прибавочной стоимости (IV том «Капитал»), там же, т. 26; Энгельс Ф., Происхождение семьи, частной собственности и государства, там же, т. 21; Ленин В. И., Империализм — капитализмдин жогорку стадиясы, Чыг., кырг. 1-бас., 22-т.; Советтер Союзунун Коммунисттик партиясының Программасы, Фр., 1972; КПССтин XXV съездинин материалдары, Фр., 1977; Островитянов К. В., Избр. произв., т. 1 — Политическая экономия докапиталистических формаций, т. 2 — Вопросы политической экономии социализма, М., 1972—73.

«САЯСИЙ ЭКОНОМИЯНЫ СЫНГА АЛУУГА КАРАТА» — К. Маркстын саясий-экон. ж-а филос. чыгармасы. 1859-ж. Берлинде басылып чыккан. Анда Маркс өзүнүн экон. теориясынын олуттуу жоболорун: эмгектин экилтик мүнөзү ж-дөгү окууну, буюм фетишизми, акчанын мацызы ж-а функциясы ж-дө ж. б. баяндаган. Тарыхый материализмдин мацызын туюнтуп, рев-ялык улуу ачылыш жасаган. Укук мамилелери ж-а мамлекет формалары турмуштун материалдык шартында жатарын, экон. базис надстройканы аныктарын, экон. базистеги өзгөрүүлөр тигил же бул даражада бардык надстройкадагы өзгөрүүлөргө алып келерин көрсөткөн. Коомдук өнүгүүнүн олуттуу закондорун ачып, антагонисттик коомдук-экон. формацияларга түшүндүрмө берген, соц. рев-янын ж-а тапсыз коммунисттик коомду куруунун объективдүү закон ченемин негиздеген. К. Маркстын бул жоболору анын башка, о. эле Ф. Энгельс м-н В. И. Лениндин эмгектеринде өнүктүрүлгөн. Эмгек реакциячыл көз караштарга каршы мүнөздө жазылган. Россияда анын немец тилинде басылышы кеңири тараган, ал эми орус тилинде 1896-ж. басылып чыккан. СССРде бул эмгек орус ж. б. улуттук тилдерде бир нече жолу мицдеген нускада басылып чыкты.

САЯТ-НОВА (чын аты-жөнү — Арутюн Саядян; 1712, Тбилиси — 1795, өлгөн эле жер) — армян акыны. Кол өнөрчүнүн үй-бүлөсүнөн. *Гусан* катары атагы чыккан. Ырларын армян, грузин ж-а азерб-н тилдеринде чыгарган. Бир аз убакыт Ираклий Пинин сарайында жашаган, андан ак сөөктөр м-н ырлы келишпегени үчүн куугунтукталган. Пон наамын алган. Тбилисиге перстер басып кирген учурда мыкаачылык м-н өлтүрүлгөн. С.-Н-ның поэзиясы жашоо кумарына, терең сүйүү м-н гармонияга каныккан. Ашыктык ырларының философиясы оптимисттик духу м-н о. кылымдык диний догматтарга каршы турат. С.-Н. сүйүүнү көөнөрбөс күч м-н чыг-лык ынтанын булагы деп билген. Анын поэзиясы армян, грузин, азерб-н иск-восунун өөрчүшүнө кыйла таасир берген.

Чыг.: в рус. пер. — Стихотворения, Л., 1961; Саят-Нова. Песни, Ер., 1963; Лирика, М., 1963.

САЯТЧЫЛЫК — куш *(буркут,* карчыга ж. б.) салып (к. *Мулушкор)*, ит *(тайган)* агытып, *тор* жайып, *капкан* салып, мылтык м-н *аңчылык* кылуу. *Алгыр куштарды* карман, тапшап, аңчылык кылуучу адам саятчы аталат. Тор, тузак м-н алгыр куштарды кармоо саят делет.

СВАЗИЛЕНД, Свазиленд Королдугу — Африканын түштүгүндөгү мамлекет. Британия ынтымагынын составында. ТАР ж-а Мозамбик м-н чектешет. Аянты 17,4 миң км². Калкы 527 миң (1975). Борбору — Мбабане (калкы 24 миң, 1976). Админ. жактан 4 районго бөлүнөт.



С.— монархия; мамлекет башчысы — король. Мамл. желегин к. *Мамлекеттик желек* макаласынын таблицасынан.

Велд платосу Бийик, Орто ж-а Жапыз Велд аталып, чыгышты карай 1500 *м*ден 300 *м* бийикке чейин төмөндөйт. Кен байлыктары: асбест, темир, таш көмүр. Климаты субтропиктик, айлык орт. темп-расы 12—24°С. Жылдык жаан-чачыны 500—1400 *мм*. Батышында саванна, чыгышында ксерофиттүү бадалдар өсөт. Африка саваннасына мүнөздүү жаныбарлар жашайт.

Элинин 98% банту тилинде сүйлөгөн африкалыктар (свази ж-а зулу); алардан башка европалыктар ж-а бурлар жашайт. Мамл. тили — свази ж-а англис тилдери. Көбү жерг., бир азы христиан динин тутат. Ири шаарлары: Мбабане, Хавлок, Манзини, Стеги.

19-к-дын башында С. аймагына түштүктөн сүрүлгөн свази уруулары келип отурукташкан. 19-к-дын орто ченинде С. үчүн Англия м-н Трансвааль таймашы башталган. Англия—Бур согушунан (1899—1902) кийин С. Улуу Британия протектораты деп жарыяланып (1903), анын бир бөлүгү Түш. Африка Союзуна киргизилген. С. элинин колониячыларга каршы күрөшү айрыкча 1950-жылдын аягы—60-жылдардын башында күчөгөн. 1960-ж. С. прогрессчил партиясы (СПП) түзүлүп, ал 1961-ж. бөлүнүп кеткен соң 1962-ж. Нгване улуттук-бошт. конгресс партиясы (НУБК) түзүлгөн. 1963-ж. англ. колониячылар С-ге өзүн өзү башкаруу б-ча чектелген конституция берүүгө аргасыз болгон. 1967-ж. закон чыгаруучу чогулушка биринчи жолу жалпы шайлоо өткөрүлүп, анда уруу ак сөөктөрүнө мүдөөлөш Имбокодво улуттук кыймыл партиясы (1964-ж. түзүлгөн) жеңип чыккан. 1967-жылдагы конституция б-ча өлкө конституциялык монархия деп жарыяланып, башкы жол башчы Собхуза II король болгон. С. 1968-ж. 6-сентябрдан көз карандысыз, 24-сентябрда ООНго кабыл алынган. 1973-ж. апрелде Собхуза II өлкөдө конституцияны жокоп, парламентти таркаткан; саясий партияларга тыюу салган. С-дин тышкы саясаты ТАР, Улуу Британия м-н экон. ж-а саясий байланыштарды сактоого багытталган. С. Африканын көз карандысыз өлкөлөрү м-н да кызматташтыкты өнүктүрүүгө аракеттенүүдө.

С.— экономикасы начар өнүккөн өлкө. Экономиканын негизин а. ч. м-н тоо-кен ө. ж. түзөт. Эли дыйканчылык м-н кесиптенет. Негизги а. ч. өсүмдүктөрү: жүгөрү, шалы, бал камыш ж. б. 1975-ж. 621,7 миң уй, 261,4 миң эчки, 34,6 миң кой, 18,1 миң чочко болгон. Асбест, темир, көмүр казып алынат. Жыгач иштетүүчү, кант, консерва з-ддору бар. 1972-ж. 107 миң *квт·с* электр энергиясы өндүрүлгөн. Автомобиль жолунун уз. 2700 *км*, т. ж. уз. 221 *км*. Сыртка кант, асбест, темир, курулуш материалдары, мал чарба продуктулары чыгарын, нефть продукт, о. ж. буюмдарын алат. Башкы соода шериктери: ТАР, Улуу Британия, Япония. Акча бирдиги — лилангени, ал 1,2 АКШнын долларына тең.

Ад.: Новейшая история Африки, М., 1968, с. 540—51.

СВАЛЬБАРД, Свальбар — Түн. Муз океандагы аралдар тобу, 74 ж-а



Я. М. Свердлов.



Е. Ф. Светланов.

81° түн. кендиктердин ж-а 10 ж-а 35° чыгыш узундуктардын ортосунда жайгашкан. С-га Шпицберген архипелагы ж-а Аюулуу арал ж. б. майда аралдар кирет. Норвегияга карайт. Жалпы аянты 62 051 *км*². Моцгу аянты 35,1 миң *км*². Батыш Шпицберген а-нда таш көмүр (Норвегиялык компания ж-а сов. концессия тарабынан) казылып алынат. Башкы калктуу пункту ж-а админ. борбору—Лонгъир порту.

СВАНИДЗЕ Прокофий Николаевич [25. 4(8. 5). 1914-ж. т.] — эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1948, 1951). 1947-жылдан КПСС мүчөсү. Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. 1933-ж. Грузин ССРинин Цагер р-нундагы Цхукушери к-зунда колхозчу, 1938—39-ж. талаачылык бригадасынын башчысы. 1945-жылдан Гагра р-нунун «Хайвани» к-зунда бригада башчы. Анын бригадасы 1948-ж. 12 *га* жердин гектарынан 25,5 *ц*, 1949-ж. 13 *га* жерден 29,3 *ц*ден, 1950-ж. 12 *га*дан 23,3 *ц*ден тамеки түшүмүн алган. Үч Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

СВАРТС РЕАКЦИЯСЫ — орг. бирикмелерге үч фтордуу сурьманы таасир этип, хлорду фторго алмаштыруу реакциясы. Мис., $C_6H_5CCl_3 \rightarrow C_6H_5CF_3$. С. р. лабор-ылык практикада колдонулат. Реакцияны 19-к-дын аягы 20-к-дын башында бельгиялык химик Ф. Свартс ачкан, к. *Фтор органикалык бирикмелер.*

СВЕРДЛОВ Яков Михайлович [(парт. жашыруун аты — Андрей, Макс ж. б.); 22. 5(3. 6). 1885, Нижний Новгород, азыркы Горький — 16. 3. 1919, Москва] — советтик мамл. ж-а парт. ишмер. 1901-жылдан Компартия мүчөсү. Кол өнөрчүнүн үй-бүлөсүнөн. 1900-ж. аптекарга шакирт болуп, жумушчулар арасында үгүт жүргүзгөн. М. Горькийди Нижний Новгороддон айдап жиберүүгө каршы демонстрацияга катышканы үчүн 1901-ж. камалган. Новгород, Кострома, Ярославль, Казан ж. б. ш-ларда рев-ячыл иш алып барганы үчүн 1902—03-ж. бир нече жолу камалып, сүргүнгө айдалган. 1904-ж. РСДРПнин Түн. комитетинин чечими б-ча жашырын иштерди аткарган. 1905-ж. РСДРП БК тарабынан Уралдагы парт. уюмду чыңдоого жиберилген. Ошол эле жылы декабрда РСДРПнин Екатеринбург (1924-жылдан — Свердловск) комитетин жетектеген. 1906-ж. январда Пермь парт. уюмун калыбына келтирүүгө комектөшүп, февралда партиянын Урал обкомунун мүчөлүгүнө шайланган. 1906-ж. июнда камалып, 1907-ж. эки жылга кесилген. 1909-ж. РСДРП БК аны Москва парт. уюмун калыбына келтирүүгө жиберген. 1910-ж. Нарым крайына айдалып, июлда качкан. РСДРП БКнын өкүлү катары Петербург парт. уюмунда иштеп, *«Звезда»* газетасын чыгарууга катышкан. 1910-ж. ноябрда камалып, 1911-ж. кайрадан Нарымга айдалган. РСДРПнин бүткүл россиялык 6-(Прага) конф-ясынан (1912) кийин БКга сырттан мүчөлүккө шайланып, РСДРП БКнын Орус бюросуна киргөн. *«Правда»* газетасынын ж-а Мамл. 4-думанын большевиктик фракциясынын жетекчилеринин бири. 1913-ж. камалып, Турухан крайына айдалган. Анда рев-ячыл ишин улантып, Февр. рев-ясынан (1917) кийин Петроградга кайтып келген; партиянын 7-(Апрель) конф-ясы С-ду БКнын мүчөлүгүнө шайлаган. Улуу Окт. соц. рев-ясын даярдоого ж-а ишке ашырууга активдүү катышкан. 1917-ж. 8(21)-ноябрда РСДРП(б) БКнын секретары болуу м-н В. И. Ленинди сунушу б-ча ББАКтын пред-лдигине шайланган. РСФСРдин биринчи Конституциясын иштеп чыгуу комиссиясынын пред-ли болгон. Коминтердин 1-конгрессин даярдоого, 1919-ж. янв.—февралда Латвия, Литва ж-а Белоруссия Советтеринин 1-съездине, мартта Украина КП(б)нин 3-съездине ж-а Бүткүл украиналык советтердин 3-съездине катышкан. С. дүйнөдө соц. биринчи мамлекетти курууда ж-а чыңдоодо эбегейсиз зор күч жумшаган. В. И. Ленин С-дун кызматын жогору баалаган. Соогу Кызыл Аянтта Кремль дубалына коюлган. С. ысмынан Кырг-нда район, көчө ж. б. аталган.

Чыг.: Избр. произв., т. 1—3, М., 1957—60.

Ад.: Ленин В. И., Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин 1919-жылы 19-мартта чукул заседаниесинде Я. М. Свердловду эскерүүгө арналып сүйлөнгөн сөз, Чыг., кырг. 1-бас., 29-т.; ошонуку, Я. М. Свердловдун соогун коюгондо 1919-жылы 18-мартта сүйлөнгөн сөз. Кабарчынын жазганынан, ошондо; ошонуку, Я. М. Свердловдун эстелигине арналган заседаниеде 1920-ж. 16-марта сүйлөнгөн сөз. Газеталык кыскача отчёт, ошондо, 30-т.; Городетский Е., Шарапов Ю., Я. М. Свердлов. Жизнь и деятельность, М., 1961.

СВЕРДЛОВ ОБЛАСТЫ РСФСРде 1934-ж. 17-январда түзүлгөн. Аянты 194,8 миң *км*². Калкы 4454 миң (1979). 30 админ. район, 44 шаар, 96 ш. т. посёлка бар. Борбору—Свердловск ш. С. о. Эки Ленин ордени м-н сыйланган (1959, 1970).

Область негизинен *Уралдын* чыгыш капталында; түш.-батышы батыш капталында, чыгыш бөлүгү *Батыш Сибирь түздүгүндө* жатат. Кен байлыктары: темир, жез, көмүр, асбест, талык, мрамор, алтын, платина ж. б. Климаты континенттик; январдын орт. темп-расы —15...—20°С, июлдуку 16—19°С. Жылдык жаан-чачыны 350—600 *мм*. Дарыялары: Тавда (куймалары — Пелым, Сосьва, Лозьва), Тура (Ница, Пышма), Исеть, Чусовой, Уфа. С. о-ның көбү токой зонасында жатат. Жаныбарлары: тыйын чычкан, суусар, коён, түлкү, багыш, булгун, канаттуулар ж. б.

Орус 88,9%, татар, украин, белорус ж. б. улуттар жашайт. Орт. жышт. 1 *км*²ге 22,5 киши. Шаар калкы 85%. Шаарлары: Свердловск, Алапаевск, Асбест, Ирбит, Каменск-Уральский ж. б.

С. о.— СССРдеги индустриясы өнүккөн область. Негизги ө. ж. тармактары — металлургия (кара ж-а түстүү), машина куруу ж-а металл иштетүү, хим., курулуш материалдар, токой ө. ж. Ири энергия түйүндөрү Свердловск ж-а Нижний Тагил ш-ларында жайгашкан. Кара металлургиянын эң ири ишканасы — Нижний Тагил металлургия комбинаты. Түтүк з-ддору Первоуральск, Каменск-Уральский, Полевской ш-ларында жайгашкан. Алюминий ж-а жез эритүүчү з-ддор иштейт. Машина куруу ири з-ддору: Урал оор машина куруу, «Уралхиммаш», Урал турбомотор, Урал вагон куруу ж. б. Хим. (күкүрт колчеданы, пирит концентраты, күкүрт к-тасы, суперфосфат, пластмасса, резина ж. б.), токой, жыгач иштетүү ж-а кагаз ө. ж. өнүккөн. Жеңил ж-а тамак-аш. ө. ж. негизинен областтын түш. бөлүгүндө жайгашкан.

А. ч-га жарактуу 2,7 млн *га* жердин 1,6 млн-у айдоо, 0,6 млн-у чабынды, 0,5 млн-у жайыт. Дан эгиндери (буудай, арпа, сулу ж. б.), картошка, жашылча, тоют өсүмдүктөрү өстүрүлөт. 1978-ж. 899,2 миң үй (сааны 374,6), 549 миң чочко, 258 миң койэчки болгон. Автомобиль жолунун уз. 14,3 миң *км*, т. ж. 3 миң *км* (1978). 1978—79-окуу жылында жалпы билим берүүчү 2101 мектеп, 128 кесиптик-лик, 86 атайын орто, 14 жог. окуу жайы болгон. 1978-ж. 1515 китепкана, 22 музей, 10 театр, 1569 клуб ж. б. иштеген. Обл. «Уральский рабочий» (1907-жылдан) ж-а «На смену» (1920) газеталары чыгат. 1975-ж. 57,2 миң орундуу 437 ооруканада 12,7 миң врач иштеген. Бальнеология ж-а батмак курорттору, 48 санаторий-курорт мекемеси, 18 эс алуу үйү бар.

Ад.: Комар И. В., География хозяйства Урала, М., 1964; Урал, М., 1968 (серия «Советский Союз»); Народное хозяйство Свердловской области, Стат. сб., Свердловск, 1967.

СВЕРДЛОВСК (1924-жылга чейин — Екатеринбург) — Свердлов облыны борбору, шаар. Маанилүү ө. ж., маданий ж-а илв. борбор. Я. М. Свердловдун ысмы коюлган. Ортоцку Уралдын чыгыш капталында, Исеть д-ның жээгинде жайгашкан. Аянты 400 *км*². С. 12 районго бөлүнөт. Калкы 1211 миң (1979). С. 1723-ж. 7(18)-ноябрда негизделген. 18-к-да Уралдын маанилүү тоо-кен ө. ж. борборуна айланган. 1796-ж. Пермь губ-ның карамагында, 1878-ж. Пермь ш. м-н т. ж. байланышы түзүлгөн. 19-к-дын аягы—20-к-дын башында жумушчулардын саны көбөйүп, Екатеринбург Уралдагы рев-ялык күймылдын борборуна айланган. 1897-ж. «Жумушчу табын эркиндикке чыгаруу үчүн күрөш союзу», 1903-ж. РСДРПнин О. Урал комитети түзүлгөн. 1905—06, 1917-жылдарда шаарда Я. М. *Свердлов* рев-ялык ишин жүргүзгөн. 1918-ж. 26-октябрда (8-ноябрь) С-де Совет бийлиги орногон. 1919-жылдан Екатеринбург губ-ның, 1923-жылдан Урал, 1934-жылдан Свердлов обл-тарынын борбору. Биринчи беш жылдыктарда (1929—40) ө. ж. ишканалары реконструкцияланып, ири заводдор («Уралмаш») ж. б. курулган. 1941—45-ж. ө. ж. ар түрдүү согуштук каражаттарды чыгарган. С-де жазуучу Ф. М. Решетников, сүрөтчү А. К. Денисов-Уральский төрөлгөн; жазуучулар Д. Н. Мамин-Сибиряк, П. П. Бажов жашаган. Шаар Ленин ордени м-н сыйланган (1973).

С.— СССРдеги машина куруу ө. ж-ның ири борбору. Башкы ө. ж-лары: оор машина куруу (Уралмаш), хим. машина куруу, электр аппараттарын ж-а машиналарын куруу, турбина ж. б. з-ддор. Кара металлургия (Жог. Исеть з-ду ж. б.), химия (пластмасса, хим. реактивдер, резина, мед. дары-дармек, антибиотик ж. б.), бут кийим, тамак-аш, курулуш материалдар ж. б. өнөр жай тармактары да өнүккөн. С.— ири т. ж. ж-а автомобиль жол тоому. Эки аэропорту бар. С. аркылуу О. Азия — Урал ж-а Тюмень обл-ның түндүгү — Урал газ жүргүчтөрү өтөт. 1974—75-окуу жылында жалпы билим берүүчү 214 мектеп, 28 кесиптик-лик, 34 атайын орто, 13 жог. окуу жайы, 3 театр, 6 музей, 181 китепкана болгон. С-де СССР ИАнын Урал илв. борбору иштейт. 1974-ж. 16,1 миң орундуу 63 ооруканада 6,9 миң врач иштеген.

Ад.: Комар И. В., Свердловск, М., 1954; Экономика Свердловска прежде и теперь, Свердловск, 1967.

СВЕРДЛОВСК ТЕМИР ЖОЛУ — Ортоцку ж-а Түн. Уралдын батышы м-н чыгыш тарабындагы тутумдаш аймактардагы т. ж. тармагы. Уз. 5643 *км* (1974). Жол башкармасы — Свердловск ш-нда. Батышы — Горький, түштүгү — Түш. Урал, чыгышы—Батыш-Сибирь т. ж. м-н чектеп. Жолдун эң биринчи бөлүгү — Пермь — Чусовой, Гороблагодатск — Екатеринбург (Свердловск) 1874—78-ж. курулуп, 1885-ж. Тюменге чейин узартылган. Эң маанилүү т. ж. тоомдору: Свердловск, Пермь, Смычка (Нижний Тагил), Серов, Войновка, Тюмень С. т. ж. Түш. Урал т. ж. сыяктуу эле СССРдин европ. бөлүгүн Азия м-н бириктирүүдө маанилүү роль ойнойт. Жол Совет бийлигинин түшунда бүт жаңыртылып, көп линиялары электрлештирилди. Ленин ордени м-н сыйланган (1971).

СВЕТЛАНОВ Евгений Фёдорович (6. 9. 1928-ж. т., Москва) — сов. дирижёр, композитор ж-а пианист, СССР эл арт. (1968), Кыргыз ССР эл арт. (1974, кыргыз музыкасын активдүү пропагандалаганы үчүн). 1951-ж. Гнесиндер атн. Муз. пед. ин-ту (М. Ф. Гнесинден композиция, М. А. Гурвичтен фортепиано классын), 1955-ж. Москва консерваториясын (Ю. А. Шапориндеп композиция, А. В. Гауктан дирижёр классын) бүткөн. 1955-жылдан СССР Чоң театрында дирижёр, 1963—65-ж. башкы дирижёр. Римский-Корсаковдун «Падыша колуктусу», Чайковскийдин «Чародейка», Щедриндин «Сүйүү гана эмес» (1961), Мураделинин «Октябрь» (1964) операларын, Караевдин «Каар жолу» (1959), Баланчивадзенин «Өмүр баракгары» (1960) балеттерин ж. б. койгон. 1965-жылдан СССР мамл. симф. оркестрнин корком жетекчиси ж-а башкы дирижёру. С.— орус сов. музыкасын корүнүктүү интерпретатору. Ал симфония (1957), кантата, симф. поэмалар, вокалдык ж-а аспаптык чыгарларды жазган. Ленинди к сыйл. (1972) лауреаты, «Гран при» (Франция) сыйлыгын алган. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар, о. эле Болгариянын 1-дараж. Кирилл ж-а Мефодий ордени м-н сыйланган.

СВЕТЛАЯ ПОЛЯНА, Сүттү-Булак — Ысык-Көл обл-ның Жетиөгүз р-нундагы Светлая Поляна айыл советине карагтуу кыштак. «Победа» к-зунун аймагында. Райондун борбору Покровкадан 7 *км* чыгыш тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 187 *км*. Калкы 1904 (1979). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт, төрөт үйү бар. 1911-ж. орношкон.

СВЕТЛИЧНЫЙ Владимир Андреевич (4. 7. 1927-ж. т., Краснодар крайы, Новокубань р-ну, Фёдоров хутору) — а. ч. өндүрүшүнүн новатору, Соц. Эмг. Баатыры (1961), РСФСРдин эмг. сиң. механизатору (1962). 1962-жылдан КПСС мүчөсү. 1970-ж. Кубань а. ч. ин-тун бүтүргөн. 1958—59-ж. Кубань трактор ж-а а. ч. машиналарын сыноо ил. из. ин-тунда комбайнёр-сыноочу. 1959-ж. ал жетектеген механикалашкан звено окумуштуулар м-н бирдикте кызылчанын түшүмүн гектарынан 434 *ц*ге жеткирүү м-н 1 *ц* продуктуга сарпталуучу эмгекти азайтып, кызылча өстүрүүнүн жаңы технологиясын киргизген. 1968-жылдан Краснодар крайындагы Красноармейский р-нунун «Полтавский» шалы өстүрүүчү совхозуна директор. КПССтин 23-съездинин делегаты. СССР Жог. Советинин (6-шайл.) депутаты. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. Бир нече ил. эмгектин автору.

Эмг.: Самая дешёвая свекла, Краснодар, 1962.


СВЕТЛОВ Михаил Аркадьевич [4(17). 6. 1903, Екатеринослав, азыркы Днепропетровск — 28. 9. 1964, Москва] — орус совет акыны. Жакыр үй-бүлөдөн. МГУда окуган (1927—28). Чыгармалары 1917-жылдан жарыялана баштаган. С. өзүнө таандык стили бар романтик акын катары белгилүү. Бул касиет анын Граждсогуш ж-догу ырларынан айкын көрүнөт: «Гренада» (1926), «Рабфакчыга» (1925), «Чалгында» (1927) ж. б. Улуу Ата Мек. Согуш мезгилинде аскер кабарчысы болуп, «Жыйырма сегиз» деген поэма, Лиза Чайкина ж-дө ырлар циклин жараткан. Кийин «Горизонт» (1959), «Мерген үйү» (1964) деген ыр жыйынактары чыккан. С. терең лириздүү ж-а романтикалык пафостогу «Жомок» (1939), «Жыйырма жылдан кийин» (1940), «Ботон бакыт» (1953) дегендей пьесаларды да жазган. Чыгармалары дүйнө ж-а СССР элдеринин көп тилине которулган. «Соңку ырлар» аттуу жыйнагы үчүн Лениндик сыйлык алган (1967). Үч Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.


Чыг.: Избр. произв., т. 1—2, М., 1965; Стихотворения и поэмы, М.—Л., 1966.

Ад.: Воронский А., Прозаики и поэты «Октября» и «Молодой гвардии», в его кн.: Литературные портреты, т. 2, М., 1929; Любарева Е., Михаил Светлов. Критико-биогр. очерк, М., 1960; Светов Ф., Михаил Светлов, Очерк творчества, М., 1967.

СВЕТЛЫЙ МЫС, Монастырь — Ысык-Көл обл-ның Түп р-нундагы Ак-Булак поссоветине караштуу кыштак. Райондун борбору Түптөн 15 *км* түш.-батыш тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 155 *км*. Калкы 1334 (1976). Үй тиричилик комбинаты, Ысык-Көл а. ч. техникуму, сегиз жылдык мектеп, клуб, фельдшер-акушердик пункт, учук санаторийи бар.

СВЕТОФОР (орусча свет—жарык ж-а гр. phorós — алып жүргүч) — т. ж. ж-а автомобиль транспортторунун кыймылын жөнгө салуучу жарык сигналын берүүч түзүлүш. Сигнал





Свердловск ш. 1. Вокзал аянтындагы жаңы корпустар. 2. «Уралмаш» а-дунун цехи.


П. С. Свечников.


Г. В. Свиридов.


Ж. Свифт.


Л. Свобода.

берүү жолуна карата С. түстүү, позициялуу, айкалышкан болуп айырмаланат. Түстүү С-до сигнал жашыл, сары, кызыл, о. эле (т. ж-до) көк, ак түстө, позициялууда бир түстүү жарыктын жайгашуу тартибине жараша, айкалышкан С-до айкалышкан түстөр түрүндө ж-а түрдүү түстөгү жарык ж-а жарыктын жайгашуу тартибине жараша сигнал берилет. Сигналдардын санына жараша С. 1, 2, 3, 4 ж-а 5 секциялуу болот. С. кол м-н да, автоматтык түрдө да иштетилет. Алгачкы С. 1868-ж. Лондондо, үч түстүү С. 1918-ж. Нью-Йоркто, 1930-ж. Москвада колдонулган.

СВЕЧНИКОВ Павел Семёнович (1925-ж. т., Кыргыз ССРи, Сокулук р-ну, «Путь к коммунизму» к-зу — 16. .1. 1944, Оң Жээк Украина) — Сов. Союз. Баатыры (1943), сержант. Сов. Армияга 1943-ж. Сокулук р-ндук аскер комиссариатынан чакырылган. Улуу Ата Мек. согушта 1-Украин фронтунун танкага каршы артилл. 317-гвард. полкунун 4-батареясынын наводчиги. 1943-ж. 22-сентябрда анын орудиеси Переяславль — Хмельницкий аймагында Днепрден өтүүдө душмандын айгышкан каршылыгынын жизин кайтарган. С. 30—40 *м* жакындан келген танканы талкалаган. Ошол салгылашта орудиенин командири курман болгондо С. командаңы колго алган. С-дун орудиеси дагы бир танканы, 15 гитлерчинин жок кылган. Днепрден өтүүдө ж-а анын батыш жээгинде сов. аскерлер ээлеген плацдармды карман туруууда, кецейтүүдө эрдик көрсөткөн. 2-дараж. Ата Мекендик Согуш ж-а Кызыл Туу ордендери м-н сыйланган.

СВЕШНИКОВ Александр Васильевич [30. 8(11. 9). 1890-ж. т., Коломна] — сов. хор дирижёру ж-а муз. иштмер. СССР эл арт. (1956). Соц. Эмг. Баатыры (1970). 1950-жылдан КПСС мүчөсү. Москвадагы элдик консерваториядан окуган. 1913-ж. Москва синодаль окуу жайын бүткөн. 1928—36-ж. Бүткүл союздук радионун вокалдык ансамблин уюштурган ж-а жетектеген, 1937—41-ж. Ленинград академиялык капелласынын, 1942-жылдан СССР мамл. хорунун көркөм жетекчиси. 1944-ж. Москва хор окуу жайын уюштуруп, ага көркөм жетекчи ж-а окутуучу болгон. Москва консерваториясында проф. (1946-жылдан) ж-а ректор (1948—75). Ал Бүткүл россиялык хор коомунун уюштуруучусу ж-а пред-ль (1964-жылга чейин). С. сов. хор өнөрүн өнүктүрүүгө кыйла салым коштон. СССР мамл. сыйл. (1946) ж-а РСФСРдин Глинка атн. мамл. сыйл. (1967) лауреаты. Үч Ленин ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Тевлин В., Мастер хорового искусства, «Музыкальная жизнь», 1962, № 5; Птица К., Большой русский талант, «Советская музыка», 1965, № 10.

СВИРИДОВ Георгий (Юрий) Васильевич [3(16). 12. 1915-ж. т., азыркы Курский обл., Фатеж ш.] — сов. композитор ж-а муз. коомдук иштмер. СССР эл арт. (1970), Соц. Эмг. Баатыры (1975). 1941-ж. Ленинград консерваториясынын композиция классын бүткөн (П. Б. Рязанов м-н Д. Д. Шостакович'тен). 1962—74-ж. СССР комп. союзунун секретары (1968—73-ж. РСФСР комп. союзунун башкармасынын биринчи секретары). С-дун композитордук иштери, чыгармачылык өзгөчөлүгү айрыкча вокалдык музыкадан көрүнөт. А. С. Исаакиядын («Аталар өлкөсү» поэмасы, 1950), Р. Бёрнстин (ырлар цикли, 1955), С. А. Есенинди (*«С. Есенинди эстелигине поэма»*, 1955—56 ж. б.), В. В. Маяковскийди («Патетикалык оратория», 1959; Ленинди көйл., 1960) сөзүнө жазылган камералык-вокалдык ж-а вокалдык-симф. чыг-лары, о. эле орус акындарынын сөзүнө жазылган хорлору (1958, 1967) композитордун чыг-лыгынын башкы темасы болгон Мекенди дацаазалайт. С.— көп аспаптык чыгардын (скрипка, виолончель ж-а фортепиано үчүн трио, 1945; СССР мамл. сыйл., 1946), муз. комедия («Оттор», 1951), фильм ж-а спектакль үчүн музыкалардын автору. СССР мамл. сыйл. лауреаты (1968). РСФСР Жог. Советине (7—8-шайл.) депутат. Эки Ленин ордени м-н сыйланган.

Ад: Персон Д. Г., Г. В. Свиридов. Ното-библиографический справочник, М., 1974.

СВИРЬ — Ленинград обл-ндагы (РСФСР) дарыя. Онега көлүнөн башталып, Ладога көлүнө куят. Уз. 224 *км*, алабынын аянты 84400 *км*². Жылдык орт. чыгымы 790 *м*³/*сек*. Ноябрь — декабрда тоңуп, апр.— майда ачылат. С-де Жог. Свирь ж-а Төмөнкү Свирь ГЭСтери курулган. С.— Волга — Балтика суу жолунун бир бөлүгү. Башкы пристандары: Вознесенье, Подпорожье, Лодейное Поле, Свирица.

СВИФТ Жонатан (30. 11. 1667, Дублин — 19. 10. 1745, ошол эле жер) — англис жазуучусу. Адвокаттын уулу. Дублин ун-тинин Тринити-колледжинде окуган. С. дүйн. ад-тта кыраакы сатирик жазуучу катары белгилүү. Туңгуч чыгармасы «Китеп салгылашы» памфлетинде (1697) эле бурж. цивилизацияны жактагандарды шылдыңдаган. С-тин чыг-ларынын туу бели — «Гулливердин саякаты» (1726). Анда саякаттар ж-догу адабий чыгларды пародиялай ж-а өөрчүтө келип, фантазиялуу өлкөлөрдү «ачып», европ. коомдук түзүлүштүн реалдуу келечегин сатиралык жол м-н чечмелеп көрсөткөн. «Гулливердин саякатындагы» бул мотивдер анын соцку чыг-ларында да кайталанган: «Кызматчыларга насыят», «Айыкпастарды баш калкалатуунун олуттуу жана пайдалуу долбоору» ж. б. С-тин сатиралык чыг-ларында эртеги англис Агартуусунун идеялары чагылат.

Чыг.: в рус. пер.— Памфлеты, М., 1955; Сказка о бочке, М., 1930; Лемюэль Гулливердин адегенде хирург, кийин бир нече кемеде капитан болуп, аламдын алыс түпкүрүндөгү көп бир өлкөлөрго жасаган саякаттары. Фр., 1965.

Ад.: Левидов М. Ю., Путешествие в некоторые отдаленные страны. Мысли и чувства Джонатана Свифта, М., 1964; Муравьев В., Джонатан Свифт, М., 1968.

СВОБОДА Людвик (25. 11. 1895-ж. т., Чехия, Грознетин — 22. 9. 1979, Прага) — ЧССРдин мамл., саясий ж-а аскер иштмери, армиянын генералы (1945), ЧССР Баатыры (1965, 1970, 1975), Сов. Союз. Баатыры (1965). Агроном билимин алган. 1916-ж. Чехословак легионуна кирген. 1931—34-ж. Границедеги (Моравия) Аскер академиясында окутуучу. 1939-ж. Польшада Чех-словак аскер бөлүгүн уюштурүп, аны Сов. Союзуна баштап келген. 1942-ж. февралда 1-Чехосл-ялык айрым жоо аскерлер батальонун түзүү демилгесин көторгөн. Киев, Белая Церковь, Жашков жанындагы салгылаштарда (1943) 1-Чехосл-ялык айрым бригаданы башкарган. 1944-ж. Дукель операциясында, Словакиядагы салгылаштарда 1-Чехосл-ялык армия корпусуна командачы. 1945—50-ж. Улуттук коргоо министри. 1948-ж. ЧКПнин мүчөсү, Улуттук чогулушка депутат. 1968—75-ж. ЧССРдин президенти ж-а ЧССР куралдуу күчтөрүнүн жог. башкы командачысы. 1948—49 ж-а 1968-ж. августтан ЧКП БКнын Президиумунун мүчөсү. К. Готвальд, 2 Ленин ордени, Октябрь Революциясы, 1-, 2-дараж. Суворов ордендери м-н сыйланган. Тынчтыктын чехосл-ялык сыйлыгынын (1968), «Элдер ортосунда тынчтыкты чыңдаганы үчүн» Эл аралык Лениндик сыйл. (1970) лауреаты.

«СВОБОДНАЯ ЕВРОПА» («Эркин Европа») — радиостанция; АКШнын мамл. департаментинин түздөн-түз кийлигишүүсү ж-а демилгеси б-ча

1949-ж. түзүлгөн. АКШ өкмөтү финансылап, Борб. чалгындоо башкармасы (ЦРУ) жетектейт. Штаб квартирасы ж-а башкармасы Нью-Йоркто. Станциялары Мюнхен (ГФР) ж-а Лиссабон (Португалия) ш-ларында жайгашкан. Ишин АКШнын информация агентствосу м-н тыгыз байланышта жүргүзөт. Славян тилдеринде уктурат. Уктуруулардын негизги максаты — антикоммунисттик пропаганда, жалган кабарларды таратуу, Сов. Союзун, соц. башка өлкөлөрдү ушактоо. Ушундай бузукулук иш-аракетинен улам бул радиостанцияның дүйн. прогрессчил коомчулук алдында баркы кетүүдө.

«СВЯЗЬ» — СССРдин басма, полиграфия ж-а китеп соода иштери б-ча мамл. комитетинин системасындагы борб. басма. Москвада. Почта ж-а телеграф эл комиссариатына каратуу редакциялык-басма болүмү уюшулгандан (1918) иштей баштап, 1922-ж. басма болуп түзүлгөн. 1932-жылдан анын функциясы «Связьтехиздатка» өткөн. 1938-ж. ал «Радионадат» м-н бириккен, «Связьиздат» болгон. 1964-жылдан «С.» деп аталат. Электр байланышы, радио уктуруу, телекөрсөтүү, радиокабылдагыч, телекөрсөткүч, магнитофондорду пайдалануу ж-а оңдоо, почта байланышы, филателия, байланыш экономикасы, басма сөздү таркатуу ж. б. б-ча ил.-теориялык, өндүрүштүк-тех., маалыматтык ад-ттарды, окуу куралдарын, «Вестник связи», «Электросвязь», «Распространение печати» ж-а «Радиотехника» журналдарын чыгарат.

СГИБНЕВ Аким Алексеевич (8. 9. 1912-ж. т., Оренбург обл., Черепаново кыш.) — орус совет графиги. С. сүрөт өнөрүнө атайын билим албай, өз алдынча келген. Анын сүрөтчүлүк жолун мүнөздөөчү чыг-ларында чын ыкластуулук ж-а көркүнүштү лирикалык маанай м-н көрөзөө байкалат. 1935-жылдан Бүткүл союздук, респ-калык көргөзмөлөрдүн катышуучусу. 1942-жылдан СССР сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде Ирандагы Кызыл Армиянын «Эрдик» аттуу газетасынын штаттан


А. А. Сгибнев. Нарын ш. 1957.

тышкары сүрөтчүсү. Согуштан кийин Кырг-ига келип, литография, линогравюра, офорт техникаларында бирдей ийгилик м-н иштеген. С-дин «Борбордук Тянь-Шанда» (1957), «Кыргызстандын түштүгүндө» (1958), «М. В. Фрунзе Түркстанда» (1959), «Темир-Тоо» (1960), «Кыргыз магистралында» (1961) аттуу сериялары кыргыз графикасында олуттуу орунду ээлейт. С. көп пейзаждар, портреттер тарткан, китеп иллюстрациясында иштеген. Медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Графика Акима Алексеевича Сгибнева. Каталог выставки, посвящённой 50-летию со дня рождения, Фр., 1963; Двенадцать киргизских графиков (Выставка эстампа), Фр., 1969.

СЕАТО (англ. South-East Asia Treaty Organization дегендин баш тамгаларынан кыскартылып айтылышы), к. *Түштүк-Чыгыш Азия келишим уюму.*

СЕБЕП ЖАНА НАТЫЙЖА, к. *Себептүүлүк.*

СЕБЕПТҮҮЛҮК — материянын айрым түрлөрү м-н формаларынын кыймылы ж-а өнүгүшүнүн жүрүшүндө болгон генезистик байланыш. Ар кандай кубулуштун пайда болуу ж-а өзгөрүү негизи — себеп, ал түркү берген өзгөрүү — натыйжа деп аталат. С. ж-догу маселе материалдык дүйнөнүн түзүлүшү ж-а аны таанып-билүү принциптеринде түздөн-түз байланышкан. Адамдын материалдык-практикалык иш-аракети ж-а ил. прогноздор С-ке негизделет.

С.— объективдүү кубулуштардын өзүнө тиешелүү ички мамиле. С. жалпы мүнөзгө ээ: кандайдыр бир себеби же натыйжасы болбогон эч кандай кубулуш жок. Себеп ж-а натыйжа зарыл байланышка ээ: эгер себеп ж-а ыңгайлуу шарт болсо, анда созсуз натыйжа пайда болот. Бир себептин натыйжасы башка кубулуштун себебине айланышы ж-а улана бериши мүмкүн. Бири бири м-н ички зарыл мамилелер аркылуу байланышкан кубулуштардын мындай ырааты себеп-натыйжа тутуму деп аталат. Бул тутумдун баш-аяты болбойт. Накта алгачкы же акыркы себепти табуу аракети көп машакатты талап кылат.

Мезгил б-ча себеп натыйжадан мурун турганы м-н натыйжа себепке активдүү таасир тийгизип турат. Себеп кылган аракеттен кандай натыйжа чыгары жалаң гана себептин жаратылышына эмес, аны курчаган шарттын мүнөзүнө байланыштуу болот. Азыркы илимдин өнүгүшү себеп-натыйжа байланыштарынын көп түрдүүлүгүн ырастап, С-ту диалек.-матер. түшүнүүнү тереңдетүүдө. Бул өзгөчө кванг физикасында даана көрүнөт.

Ад.: Энгельс Ф., Диалектика природы, Маркс К., Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 20; Ленин В. И., Материализм жана эмпириокритицизм, Чыг., кырг. 1-бас., 14-т.; Бунге М., Причинность, пер. с англ., М., 1962; Кузнецов Н. В., Категория причинности и её познавательное значение, в сб.: Теория познания и современная наука, М., 1967; Современный детерминизм. Законы природы, М., 1973.

СЕБЕПТҮҮЛҮК ПРИНЦИБИ (физикада) — физ. кубулуштардын бир бирине таасир этүүсүнүн мүмкүн болуучу чегин аныктоочу жалпы жоболордун бири. С. п. азыркы болуп жаткан окуянын мурда болуп өткөн окуяларга таасир тийгизүү мүмкүнчүлүгүн танат, б. а. себепкер окуя патыйжа окуядан мурда болот, келерки окуя өткөн окуяга таасирин тийгизбейт. Физ. теориядa С. п. диниканын теңдемелерине дал келүүчү чектеш шарттарды тандап алуу үчүн ж-а ал теңдемелерди жалпы мааниде чечүүгө пайдаланылат. С. п. макросистемаларда ж-а күндөлүк тажрыйбада шексиз далилденет, бирок микросистемаларда сандык туюнтмасы жок формалдуу принципке айланып, өз күчүн жоготконсун, карама-каршылык туудурат. С. п. элементардык бөлүкчөлөр теориясы, салыштырмалуулук теориясы, талаанын кванг теориясы, кванг механикасынын татаал маселелерин чечүүдө негизги роль ойнойт.

Азыркы физикада С. п. өзүнүн мазмуну б-ча философиядагы себептүүлүктөн өтө тар. С. п. б-ча физ. теориянын түзүү кезинде андан чыккан натыйжаларды тажрыйбада текшерүү табияттын закон ченемин алдын ала болжол айтууга мүмкүндүк берет. Ошондой болсо да С. п-не байланыштуу көптөгөн физ. маселелер али толук чечиле элек.

СЕБЕТ — чырык идиш. Тал, арча, кайың, шилби сыяктуу даректардын солкулдак чырыктарынан же чий, камыштан аркы-терки, узун-туурасынан өткөрүлүп, сүйрү же тегерек формада чуңкур токулат. С-тин чырыктары жарылып кетпес үчүн колоко жерде кургатылып, бышык болсун үчүн сырты майланат. С-ке идиш-аяк, азык-түлүк салынат.

СЕБОРЕЯ (лат. sebum — май ж-а гр. rhéō — агам) — май бездеринин секрециясы бузулушу м-н мүнөздөлгөн тери оорусу. Ага баш, бет, көкүрөк, жон терилер чалдыгат. С-ның майлуу, бүдүрлүү ж-а аралаш түрлөрү болот. Майлуу С-да терининн сыртында май көп чыгып, чач майланышат, түшөт. С-ның бүдүрлүү түрүндө май бездеринин түтүкчөлөрү бүтөлүп, бодур кара тактар пайда болот. Тери калыңданат. Дарылоодо перв ж-а эндокрин системаларын жөнгө салуучу дарылар, кан күюу, поливитаминдер, териге резорцин спиртин сыйпоо, ультракызгылт көк нурга кактоо ж. б. колдонулат.

Ад.: Королев Ю. Ф., Себорея, Л., 1963.

СЕВАН, Гокча — Армян ССРиндеги тоо көлү; Кавказдагы эң чоң көл. Аянты 1416 *км*². Орт. терең. 28,5 *м*, эң терең жери 99 *м*. Көл Армян тайпак тоосундагы жанар тоо процесстерине дуушар болгон тектоникалык ойдундук борб. бөлүгүндө 1916 *м* бийиктикте жайгашкан. Көлдүн суусу Севан-Раздан каскадын түзүүчү 6 гидроэлектр станция үчүн көп пайдаланылгандыгына байланыштуу 18 *м*ге төмөндөгөн, бул болсо анын аяктынын азайышына алып келген (1262

км²). Долбоор б-ча көлдүн деңгээли 1896 *м* бийиктиктен кем болбоого тийиш. Эки тумшук аркылуу Чоң ж-а Кичи С-га бөлүнөт. Көлгө анча чоң эмес 28 суу куюп, Раздан д. агып чыгат. Бирок азыр бул суу көлдөн ачык агып чыкпастан, туннель аркылуу Севан ГЭСтеринин турбиналарына берилет. Көлдүн өңү көгүш, тунуктугу 11 *м*ге чейин. Деңгээлинин жылдык өзгөрүүсү 60 *см*. С-да севан форели (ишхан), усач, храмуль балыктары бар. Көлдүн деңгээлин жогорулатуу ж-а ГЭСтерди үзгүлтүксүз иштетүү максатында Арпа д-н көлгө буруу үчүн уз. 48,6 *км* болгон туннель курулууда (1975). С. туристтер эс алуучу жай. Мында санаторийлер, пионер лагерлери курулган. Жээктери жашылдандырылууда.

СЕВАН ГЭС КАСКАДЫ (ТОБУ), Севан-Раздан каскады — Армениядагы Севан көлүнөн агып чыккан Раздан д-нда курулган ГЭСтер. Кубаттуулугу 556 *Мвт*, жылына 2,3 млрд *квт·с* электр энергия иштеп чыгарган 6 станциядан (Севан, Атарбекян, Гюмуш, Арзни, Канакер ж-а Ереван ГЭСтери) турат. Курулушу 1930-ж. башталып, 1962-ж. бүткөн. Севан-Раздан ГЭСтери иштеп чыккан электр энергия Армян ССРинин эл чарбасында керектелип, Закавказье бирдиктүү энергия системасына кошулат.

СЕВАСТОПОЛЬ — УССРдин Крым обл-ндагы шаар. Кара деңиздин жээгиндеги ири порт. Автомобиль жол тоому. Т. ж. станциясы. Калкы 301 миң (1979).

Байыркы убакта С. ченде античный шаар Херсонес жайгашкан. С. 1783-ж. аскер-деңиз порт ж-а чеп катары негизделген. Крым согушунда (1853—56) 349 күндүк С. коргонуусу (1854—55) орус аскер өнөрүнүн даңктуу барактарынын бири. 1905—07-жылдары рев-я мезгилинде С-догу жалпы иш таштоо матрос ж-а солдаттардын куралдуу көтөрүлүшүнө айланган (1905-ж. ноябрь). Совет бийлиги 1917-ж. 16(29)-декабрда орногон. Гражд. согуш мезгилинде С-ду герман, француз ж-а ак гвардиячылар басып алган, 1920-ж. 15-ноябрда Кызыл Армия бошоткон. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында 250 күн баатырдык коргонуусу м-н даңкталган [к. *Севастополь коргонуусу (1941—42)*]. Фашист немец оккупациясы мезгилинде (3. 7. 1942—9. 5. 1944) С-до коммунисттик подполье иштеген. 1965-ж. 8-майда СССР Жог. Советинин Президиумунун указы б-ча С-го «Баатыр шаар» наамы берилип, Ленин ордени ж-а Алтын Жылдыз медалы м-н сыйланган.

С.— областтагы индустр. борборлордун бири. Прибор куруу, тамак-аш (балык, шарап ж. б.) жеңил, жыгач ө. ж. ишканалары иштейт. УССР ИАнын Түш. деңиздеринин биол. ин-ту, деңиз обсерваториясы, аквариум, прибор куруу ин-ту, 2 театр, 3 музей ж. б. бар. Шаарда «Севастополь коргонуусу» панорамасы ж-а «Сапун-тоо чабуулу» диорамасы ж. б. бар. С. районунда байыркы Херсонес ш-нын урандысы сакталган.

Ад.: Город-герой Севастополь, М., 1975.

СЕВАСТОПОЛЬ КОРГОНУУСУ (1941—42) — Улуу Ата Мек. согуш убагында Кара деңиз флотунун башкы базасы—Севастополь ш-н коргоо б-ча Севастополь коргонуу аймагындагы күчтөрдүн 1941-жылдын октябрынан 1942-жылдын 3-июлуна чейин жүргүзгөн согуш аракеттери; Крым үчүн күрөштүүдөгү (1941, сент.— 1944, май) маанилүү этап; 1941-ж. 30-октябрдан 26-ноябрга чейин С. коргонуу районунун аскер бөлүктөрү жээктеги коргонуу артиллериясына ж-а флот авиациясына таянып, фашист немец аскерлердин алдыңкы бөлүктөрүнүн Севастополду чабуул м-н алуу аракеттеринин мизин кайтарып турган. Ноябрдын башында Севастополь гарнизону, Кара деңиз флотунун кемелери м-н авиациясы, айрым Приморье армиясынын аскер бөлүктөрү (генерал И. Е. Петров) кирген С. к-нун р-ну (СКР, командачысы вице-адмирал Ф. С. Октябрьский) түзүлгөн. СКРдин күчтөрү 8 ай бою Севастополь ш-н коргон, Жог. башкы командачынын ставкасынын приказы б-ча аны 1942-ж. 3-июлда калтырышкан. С. к. Улуу Ата Мек. согуштун тарыхына совет элинин ж-а аның куралдуу күчтөрүнүн узакка созулган ж-а ожорлук м-н коргонуудагы массалык эрдигинин ж-а туруктуулугунун айкын далили катары кирген. СССР Жог. Советинин Президиуму 1942-ж. 22-декабрда «Севастополду коргогону үчүн» медалын белгилеген. 1944-ж. жазында Севастополь фашист немец баскынчылардан бошотулган.

Ад.: Героическая оборона Севастополя. 1941—1942, М., 1969; Борисов Б. А., Подвиг Севастополя, Симферополь, 1959; Крылов Н. И., Огненный бастион, М., 1973.

СЕВАСТОПОЛЬ КӨТӨРҮЛҮШҮ — Кара деңиз флотунун матросторунун падышалыкка каршы 1905-ж. 11—15-ноябрда болгон козголоңу. 2000ден ашык адам катышкан. Уюмдаштыруу чогулушуун чакыруучу, реси-каны орнотуучу, аскер кызматынын мөөнөтүн кыскартуучу ж. б. талап кылган. Большевиктер көтөрүлүштү куралдуу күрөшкө айландырууга аракеттенишкен. Бирок көтөрүлүшчүлөрдүн аракетсиз коргонуучулук тактикасы падыша өкмөтүнө С. к-н ырайымсыз басышына жардам берген. Лейтенант П. П. Шмидт, С. П. Частник, Н. П. Антоненко ж. б. матростор атылган, бир канча жүз адам сүргүнгө айдалган.

Ад.: Севастопольское вооружённое восстание в ноябре 1905 г. Документы и материалы, М., 1957.

СЕВАСТЬЯНОВ Виталий Иванович (8. 7. 1935-ж. т., Свердлов обл., Красноуралск) — СССРдин космонавт учкучу, эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1970, 1975), 1963-жылдан КПСС мүчөсү. 1959-ж. Орджоникидзе атп. Москва авиа институтун бүтүрүп, конструктордук бюродо иштеген. Тех. илимд. кандидаты (1965). 1967-жылдан космонавттар отрядында. 1970-жылдын 1 — 19-июнунда «Союз-9» космос кемесинин борт-инженери болуп (А. Г. *Николаев* м-н) космоско учкан. Кеме Жерди 286 жолу айланып чыгып, 11,9 млн *км* аралыкты өткөн. 1975-ж. 24-майдан 26-июлга чейин П. И. *Климук* м-н бирге «Союз-18» космос кемесинде бортинженер болуп космоско учууга катышкан. «Союз-18» кемеси «Салют-4» станция м-н 1975-ж. 26-майда аспаның биригишип, 63 сутка бою учкан. Бул жолу 80 сутка 15 *с* 59 *мин* ичинде С. ил.-тех. ж-а медицина-биол. изилдөөлөрдү аткарып, Жердин табигый ресурстарын изилдөө б-ча ил. жумуштарды жүргүзүү методикасын иштеп чыккан. Эл аралык астронавтика академиясынын анык мүчөсү. Эки Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.



В. И. Севастьянов.

СЕВЕРИН Сергей Евгеньевич [8(21). 12. 1901-ж. т., Москва] — сов. биохимик, СССР ИАнын (1968), СССР МИАнын акад. (1948), Соц. Эмг. Баатыры (1971). МГУну бүткөн (1924). 1932—48-ж. 3-Москва мед. ин-тунда (азыркы Рязань мед. ин-ту) проф., 1935-ж. МГУда жаныбарлар биохимиясы лабор-ясын уюштуруп, 1939-жылдан кафедра башчы. СССР МИАнын Тамактануу ин-тунда (1945—47), СССР МИАнын Биол. ж-а мед. химия ин-тунда (1948—49) директор. СССР МИАда мед. ж-а биол. илимдер бөлүмүнүн акад.-секретары (1949—57). Бүткүл союздук биохим. коомдун президенти (1969). С-дин негизги изл. иштери булчун тканынын биохимиясына, скелет булчуңдарындагы азоттуу заттардын ролун изилдөөгө арналган. Анын 1960-жылдан негизинен гликогенолизге катышуучу ферменттерди ж-а скелет булчуңдарындагы α-кетокислоталардын дегидрогеназаларын изилдөөгө байланыштуу, о. эле миокард ж-а кандын биохимиясы б-ча ил. эмгектери бар. «Учебник физической и коллоидной химии» (1941, П. П. Митрофанов м-н бирге), «Практикум по биохимии животных» (1950, Н. П. Мешкова м-н бирге) деген колдонмолордун автору. Үч Ленин ордени, Октябрь революциясы ж-а Эмгек Кызыл Туу ордендери м-н сыйланган.

Ад.: Академик С. Е. Северин — Герой Социалистического труда, «Вестник АН СССР», 1972, в. 3; С. Е. Северин. Взгляд на пройденный жизненный путь, «Вопросы медицинской химии», 1971, т. 17, в. 6.

СЕВЕРНЫЙ — Сокулук р-ндагы Төмөнкү Чүй айыл советине караштуу кыштак. «Төмөнкү Чүй» с-зунун аймагында. Райондун борбору Сокулуктан 73 *км* түн. таранта. Фрунзе ш-нан 50 *км*. Калкы 783 (1979). Металл буюмдар з-ду бар.

СЕВЕРОДОНЕЦК — УССРдин Ворошиловград обл-ндагы шаар. Северский Донец д-нын өрөөнүндө. Лисичанск т. ж. станциясынан 6 *км* аралыкта. Калкы 113 миң (1979). Хим., үй куруу, жыгач иштетүү комбинаттары, прибор куруу, хим.-металлургия ж. б. з-ддору, тамак-аш ө. ж. ишканалары иштейт. Хим.-мех. техникуму, муз. окуу жайы, ил. из. ин-ттар бар.

СЕВЕРСКИЙ ДОНЕЦ — Дон д-нын оң куймасы. Уз. 1053 *км*. Алабынын аянты 98,9 миң *км*². Орто Орус дөңсөөсүнүн түш. капталынан башталат. Жог. агымында (Белгород ш-на чейин) плотиналар м-н тосулуп, бир нече көлмөлөрдөн турат. Төмөнкү агымында өрөөнү жазы. Негизинен кар суусунан куралат. Орт. чыгымы чатынан 119 *км* жогору 159 *м*³/*сек*. Декабрдын башында тоңуп, мартта ачылат. Донецк ш-на чейин кеме жүрөт (222 *км*). Чатында Усть-Донецк порту жайгашкан. Райгородок посёлкасынан С. Д.—Донбасс каналы (130 *км*) башталат. Жээгинен Белгород, Чугуев, Изюм, Лисичанск, Счастье, Донецк ш-лары орун алган.

СЕВЕРЦОВ Николай Алексеевич [24. 10(5. 11). 1827, Воронеж—26. 1(7. 2). 1885, Воронежге жакын] — орус зоологу, зоогеограф ж-а саякатчы. 1846-ж. Москва ун-тин бүткөн. 1857—79-ж. Тянь-Шандын борб. бөлүгүн, Кызыл-Кумду изилдеп, Памирдин флорасы ж-а фаунасы б-ча көп маалыматтар чогулткан. О. Азиянын табиятына 1-жолу комплекстик-геогр. мүнөздөмө берген. Палеарктиканын зоогеографиялык бөлүнүшүнүн принциптерин иштеп чыккан. Россиянын ж-а Түркстандын канаттуулары б-ча көп материалдарды ж-а коллекцияларды (12 миң даана) топтогон. С. Кырг-ндын аймагын изилдөөдө да көп эмгек синдирген. Ал 1864—68-ж. Тянь-Шанда, 1877—78-ж. Фергана, Алай, Памир ж. б. жерлерде болуп, баалуу геогр. маалыматтар жыйнаган. Окумуштуунун эмгектери Кырг-ндын табиятын, өзгөчө жер бетинин түзүлүшүн, геологиясын, байыркы мөңгүлөрүн, жаныбарлар дүйнөсүн, тоо арасындагы өрөөндөрдүн байыркы тарыхын үйрөнүүдө маанилүү роль ойноду. С-дун ысмы м-н Пётр I кырка тоосундагы чоку, Памир м-н Илө Ала-Тоосундагы мөңгүлөр, айрым жаныбарлар ж-а өсүмдүктөр аталган.

Ад.: Өмуралиев С., Тар жол, тайгак кечүү менен. Кыргызстанды изилдөө тарыхынан, Фр., 1963; Золотницкая Р. Л., Н. А. Северцов — географ и путешественник, М., 1953; Умуралиев С., Географические исследования Н. А. Северцова в Тянь-Шане и Алае в 60—70 гг. XIX в., «Учен. записки Киргизского заочного пединститута», в. 4, 1959.

СЕВИЛЬЯ — Испаниянын түштүгүндөгү шаар. Гвадалквивир д-нын жээгинде. Калкы 548 миң (1970). Өлкөнүн маанилүү соода ж-а ө. ж. борбору. Т. ж. тоому, деңиз порту, аэропорт бар. Тамак-аш (тамеки, шарап, ун, май, консерва ишканалары), машина куруу (аның ичинен кеме куруу), айнек, булгаары, кагаз ө. ж. ишканалары иштейт. Ун-т бар. Шаарда 12—16-к-дагы арх-ралык эстеликтер сакталган.

СЕВИН, нафтилкарбамат, карбарил, карполин, 1-нафтил-N-метилкарбамат — *инсектицид*. Жытсыз, ак кристалл зат, сууда начар эрийт, жакшы сакталат, ультракызгылт көк нурга туруктуу. С. өсүмдүктү түрдүү көпөлөк, курт, коңуз, кене ж. б. зыянкечтен сактоо үчүн колдонулат.

СЕВОРТЯН Эрванд Владимирович [9 (22). 10. 1901, Ялта — 23. 3. 1978, Москва] — сов. тилчи, түрколог, филол. илимд. доктору (1957), проф. (1969). Жумушчу үй-бүлөсүнөн. 1930-ж. Крым пед. ин-тунун чыгыш бөлүмүн бүткөн. Москва ж-а Ленинград Тил илими ил. из. ин-тунун аспирантурасын бүткөндөн кийин (1931—35), Ленинград тил илими ил. из. ин-тунда (1935—36) иштеген. 1936-жылдан СССР ИАнын Тил илими ин-тунда ст. ил. кызматкер. С-дын 70тен ашык ил. эмгеги бар. Аларда негизинен түрк тилдеринин салыштырма грамматикасы, сөз жасоо маселелери, түрк тилинин фонетикасы изилденет. С. Түрк лингв. коомунун корр. мүчөсү (1957), «Советская тюркология» журналынын редколлегия мүчөсү болгон.

Эмг.: Аффиксы глаголообразования в азербайджанском языке. Опыт сравнительного исследования, М., 1962; Аффиксы именного словообразования в азербайджанском языке. Опыт сравнительного исследования, М., 1966; Этимологический словарь тюркских языков. (Общетюркские и междутюркские основы на гласные), т. 1—2, М., 1974, 1979.

Ад.: Асланов В. И., Алекперов А. К., Эрванд Владимирович Севортян (к 70-летию со дня рождения), «Советская тюркология», Баку, 1971, № 5.

СЕВР ТЫНЧТЫК КЕЛИШИМИ (1920) — Версаль-Вашингтон системасынын келишимдеринин бири. Биринчи дүйн. согушта жеңген союздаш державалар (Улуу Британия, Франция, Италия, Япония ж. б.) м-н Турциянын ортосунда 10-августта Парижге жакын Север ш-нда түзүлгөн. Келишим б-ча Турция бардык ээлигинен ажырап, аймагы 4 эсе азайган. Кара деңиз кысыктарынын зонасы толук куралсыздандырылып, эл аралык «Кысыктар комиссиясынын» контролдугуна өткөн. Капитуляция режими калыбына келтирилип, чындыгында Турция өз алдыначалыгынан ажыраган. Түрк армиясы Англия-Греция интервенциясын жеңген соң (1922) С. т. к. *Лозанна тынчтык келишими* (1923) м-н алмаштырылган.

СЕВРЮГА (Acipenser stellatus) — осётрлар тукумундагы өтмө балык. Уз. 220 *см*, салм. 68 *кг*га чейин жетет. Денесинде 5 катар сөөк тикени, алардын ортосунда жылдыз сымал пластинкасы болот. Тумшугу узун, муруттары кыска. Каспий, Азов ж-а Кара деңиздин алаптарында жашайт. Жыныстык жактан 5—17 жылда жетилет. Апрелден сентябрга чейин дарыяда (30—600 *км*че) өрдөп, икрасын майда таштуу суу түбүнө таштайт. Омурткасыздар ж-а майда балыктар м-н азыктанат. С-нын промыселдик мааниси чоң, эти, икрасы баалуу. Сүрөтүн к. *Осётрлар* макаласынан.



Н. А. Северцов.

СЕГАДОР КӨТӨРҮЛҮШҮ, Дыйкандар согушу — 1640—52-ж. Каталонияны автономия укугунан ажыратууга аракеттенген испан абсолютизмине каршы Каталонияда чыккан козголоң. Испания м-н Франция согушунун убагында (1635—59) болгон. Ага мамл. салыктын көбөйүшү, каталониялыктарды испан армиясына зордон алуу себеп болгон. Кураданган дыйкандар Барселонаны алып, Каталониянын вице-королу Санта Коломаны өлтүрүшкөн. Көтөрүлүшчүлөр 1640-ж. декабрда Франция м-н союздук келишим түзгөн. 1651-ж. испандар Барселонаны курчап, ички душмандардын колдоосу м-н 1652-ж. октябрда көтөрүлүшчүлөрдөн бошоткон. 1653-ж. январда Филипп IV кайрадан бийликке келген.

СЕГЕД — Венгриянын түштүгүндөгү шаар. Тиса д-нын жээгинде. Чоңград медьесинин админ. борбору. Калкы 165 миң (1975). Т. ж. түйүнү, порт. Текстиль, тамак-аш, тамеки, булгаары бут кийим, жыгач иштетүү ө. ж. ишканалары иштейт. Ун-т, мед. ж-а пед. ин-ттары бар.

СЕГИЗ ЖЫЛДЫК МЕКТЕП — СССРде жалпы толук эмес орто билим берүүчү политех. эмгек мектеби. 1921-жылдан болуп келген жети жылдык мектептин ордуна 1958-ж. негизделген. С. ж. м.— жалпы милдеттүү түрдө окуулуучу мектеп. 1977-жылдын 1-сентябрына чейин С. ж. м-тин окуу планы 1—4-класстарда башталгыч билим алуунун курсун камтыган (1971—72-окуу жылында башталгыч мектеп толугу м-н 3 жылга которулган). 5—8-класстарда орус, эне ж-а чет тилдеринин, ад-т, матем., физика, химия, биол., СССР тарыхы, жалпы тарых, геогр., черчение, сүрөт искусствосу, музыка ж-а ыр, физ-ра, эмгектин элементардык курстары окутулган. С. ж. м-ти бүткөндөрдүн бир бөлүгү андан ары окуган эмес. Милдеттүү түрдө жалпы орто билимге өтүү шартында С. ж. м. жалпы билим берүүчү он жылдык мектептин составдык бөлүгү болуп калды. Ошого жарапа 7-класста ад-т, химия, физика б-ча элементардык курс аяктап, 8-

класстан системалуу курсу баштапат. 7—8-класстарга факультативдик окуу киргизилген. С. ж. м-ти бүтүргөндөр орто мектептин жог. класстарында, кесиптик-тех. окуу жайларда окуусун улантышат.

СЕГИЗИНЧИ ГВАРДИЯЛЫК АТКЫЧТАР ДИВИЗИЯСЫ И. В. Панфилов атн. 1941-ж. июлда Кырг-н м-н Каз-ндын аскер жашындагылардан 316-аткычтар дивизиясы деген ат м-н куралган. Аны куроо ж-а ага командалык кылуу ши Кыргыз ССР аскер комиссары И. В. Панфилово тапшырылган. Дивизия куралган соң 1941-ж. 19-августа Түн.-Батыш, анан Батыш фронтуна откөрүлүп, 10-октябрда 16-армиянын составында Москва жанында коргонууга өткөн. 1941-ж. окт.-ноябрда өлкөнүн борбору үчүн салгылашта дивизия жоокерлери Ата Мекенге чыныгы берилгендиктин, баатырдыктын үлгүсүн көрсөтүшкөн.



Сегизинчи гв. аткычтар дивизиясынын жоокерлерине Кырг-н эмгекчилери белек тапшырууда.


16-ноябрда Дубосеково разъездинде дивизиянын саясий жетекчиси В. Г. Клочков баштаган топ (танк жок кылуучу) өлүмгө тике туруп, Москвага келаткан душман танкаларын токтоткондугу үчүн СССР Жог. Советинин Президиумунун 1941-ж. 7-ноябрдагы Указы б-ча 316-аткычтар дивизиясы Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. Ошол эле күнү СССР Эл коргоо комиссарынын приказы б-ча дивизия 8-гвард., 18-ноябрда И. В. Панфилов курман болгон соң анын ысмынан аталган. 1941-ж. 6-декабрда Кызыл Армиянын контрчабуулунда гвардиячы-панфиловчулар Крюково, Каменка кыш-тарын, Истра ш-н, 1942-ж. февр.—июнда дагы элдүү 250 пунктту бошоткондугу үчүн 16-мартта Ленин ордени м-н сыйланган. 1942-ж. июль — 1943-жылдын аягына чейин Холм — Великие Луки р-ндорунда салгылашкан. Ушул шартта дивизияда снайперлер кыймылы кеңири тарап, Токтогул Шамбеков, Мадамалы Мадаминов, Божигит Турдубаевге окшогон кыргыз жоокерлеринин ар бири 56-дан 260ка чейин душманды жок кылган. 1944-ж. июлда дивизия 2-Прибалтика фронтунун составында Латыш ССРинин 800дөн ашуун элдүү пунктун, мунун ичинде Резекне (Режица) ш-н душмандан бошоткондугу үчүн ага «Режицкий» деген наам берилген. 13-октябрда Латыш ССРинин борбору Рига ны фашисттерден тазалашканы үчүн Суворов ордени м-н сыйланган. 1944-ж. октябрдан 1945-ж. майга чейин немецтик 30 дивизияны талкалоого катышкан. Улуу Ата Мек. согушта дивизиянын 18 086 жоокери орден ж-а медалдар м-н сыйланып, 34үү Сов. Союз. Баатыры деген наам алган.

Ад.: Эрматов С., Өчпогон өмүр, Фр., 1970; Кузнецов А. И., Герои не умирают, А.-А., 1963.

СЕГИЗИНЧИ МАРТ — Нарын обл-ның Тянь-Шань р-нундагы Ак-Кудук айыл советине караштуу кыштак. «8-Март» к-зунун аймагында. Райондун борбору Нарын ш-нан 75 *км* түн.-батыш тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 250 *км*. Калкы 1108 (1979). Орто, 2 сегиз жылдык мектеп, 2 клуб, 3 китепкана, 2 медпункт, ооруканасы бар.

СЕГМЕНТ (лат. segmentum — кесинди, тилке) — 1) тегиздиктеги С.— ийри сызык ж-а ошол ийри сызыктын хордасы м-н чектелген жалпак фигура. 2) Сандык С. же кесинди — координаталары $a \leqslant x \leqslant b$ шартын канааттандыруучу сан огунун чекиттеринин көптүгү, б. а. A ж-а B эки түз сызыгынын ортосунда жайгашкан чекиттердин (ошол эки чекитти кошо эсептегенде) көптүгү. 3) Мейкиндик фигурасынын же нерсенин С-и — фигуранын (нерсенин) тегиздик м-н кесилип алынган ж-а ошол тегиздиктин арасында камалган бөлүгү.

СЕГНЕТ-ЭЛЕКТРИКТЕР — темп-ранын белгилүү интервалында өзүнөн өзү (спонтандык) поляризациялануучу ж-а ал поляризациянын багыты сырткы электр талаанын таасиринен күчтүү өзгөрүүчү кристаллдуу диэлектриктер. Кеңири изилденген ж-а практикада колдонулуучу С. э.— барийдин титанаты, сегнет тузу, триглицинсульфат, калийдин дигидрофосфаты ж. б. Белгилүү темп-рада С. э-дин спонтандык поляризациясы жоюлат. Бул темп-ра Кюри чекити



Уюлдук (*а* ж-а *б*) ж-а уюлдук эмес (*в*) фазадагы сегнет-электриктин элементардык ячейкасынын схемалык сүрөттөлүшү; жебелер диполь моментинин багытын көрсөтөт.

деп аталат. С. э. *электр конденсаторунда*, пьезоэлектрдик нурлануулардa, үн ж-а ультраүн кабылдагычтарында, оптикалык системалардын сызыктуу эмес элементтери катары, радио электроникада, *эсептөө техникасында* ж. б-да колдонулат.

СЕГРЕГАЦИЯ (лат. segregatio — бөлүнүү)—1) металлургияда куймanын хим. составы б-ча бир текүү эместиги; 2) пайдалуу казылмаларды байытууда дирилдетип иштетүүнүн таасиринен минерал кошундулардын бүртүкчөлөрүнүн чоңдугу б-ча болүштүрүлүшү; 3) геологияда магмадагы минералдардын топтолуусу; 4) гидрогеологияда сууга каныккан ж-а нымдуу тоо тектердин тоңуусунан таза муз кристаллдарынын пайда болушу.

СЕГРЕГАЦИЯ—бурж. мамлекеттерде өлкө калкынын расалык топторго бөлүнүшүн зордук м-н карман түрүү. С. кемсинтүү, корсунтуу м-н коштолот. Ал институттук (мектеп, ун-т, оорукана ж. б. турмуштун бардык сфераларында расаларга бөлүнөт) ж-а аймактык (атайын райондор) деп бөлүнөт. Аймактык С.— ТАРдын апартхейд саясатынын бир көрүнүшү.

Ад.: Геевский Н. А., США: негритянская проблема, М., 1973.

СЕДЕП — боор буттуу ж-а көп капкалуу моллюскалардын раковинасынын ички бетинен алынуучу зат. Ал раковинада жайгашкан жука арагонит пластинкасынан турат. С. жарык нурунда чагылышын түсү кубулгандыктан ар кыл кооз буюмдарды жасоодо пайдаланылат. Деңиз С-и Персия булуңу, Филиппин ж-а Австралия жээктеринен, тузсуз суу С-и СССРде — Башкырт, Татар АССРлери, Москва, Воронеж обл-тары ж. б. жерлерден алынат. С-тин өзгөчө бир түрү — бермет (жемчуг).

СЕДИМЕНТАЦИЯ (лат. sedimentum— чөгүү, тунуу) — дисперсиялык чөйрөдөгү калкыган түрдүү бөлүкчөлөрдүн оздук салмагына жараша акырындык м-н чөгүшү. С-нын ылдамдыгы массасына, чоңдугуна, формасына ж-а дисперсиялык чөйрөнүн илээшкектигине, тыгыздыгына көз каранды. Өз ара таасир этпеген майда бөлүкчөлөрдүн чөгүү ылдамдыгы Стокс формуласы б-ча аныкталат. С. кубулушунун жаратылышта мааниси чоң. С. өндүрүштө күкүмдөрдү, технол. продуктуларды ажыратып бөлүүдө колдонулат.

СЕДИМЕНТАЦИЯ геологияда — чокмо тоо тектердин пайда болуу процессиндеги алгачкы стадия, к. *Аккумуляция*.

СЕЗАНН Поль (19. 1. 1839, Эксан-Прованс — 22. 10. 1906, ошол эле жер) — француз живописчиси, постимпрессионизмдин көрүнүктүү өкүлү. Экстеги сүрөт мектебинде (1858—62) ж-а Парижде Сюис академиясында (1861—65) окуган. Алгачкы чыгармаларында П. *Веронезе*, Я. Тинторетто, Э. *Делакруа*, О. *Домьенин* таасири байкалат. 1880-жылдардын аягында *импрессионизм* принциптерин м-н келиштирүүгө башталат. С-ды атм-радагы түс катташтарынын закон ченеми, жаратылыштагы нерселердин туруктуулугу кызыктырат. Көрүнүктүү чыг-лары: Л. Гийомдун портрети (1879—82, Улуттук гал., Вашингтон), «Пьеро жана Арлекин» (1888, Москва, А. С. Пушкин атн. сүрөт өнөр музейи),



П. Сезанн. «Пьеро менен Арлекин». 1888. Москва. А. С. Пушкин атн. сүрөт өнөр музейи.

«Сүй» (1900, Эрмитаж, Ленинград) ж. б.

Ад.: Всеобщая история искусств, т. 6, кн. 1, М., 1965; Перрюшо А., Сезанн, [пер. с франц., ст. В. Н. Прокофьева], М., [1966]; Поль Сезанн. Переписка. Воспоминания современников, [пер. с франц., сост., вступ. ст. и примеч. Н. В. Яворской], М., 1972.

СЕЗГЕНҮҮ — организмдин эвол. процессте пайда болгон ыяндуу агенттерден коргонуу реакциясы. Ал кан тамырлардын, ткандардын өзгөрүшүнө алып келет. С-нү изилдөө немец окумуштуусу Р. Вирхов целлюлярдык (клеткалык) патология ж-дөгү окуусу ачкандан кийин башталган. Немец илимпозу Ю. Конгейм С-го алып келүүчү алгачкы фактор — С. очогундагы кандын ж-а лимфанын агымынын бузулушу деп көрсөткөн. И. И. *Мечников* 1892-ж. *фагоциттердин* реакциясы С-нүн ажырагыс бир бөлүгү ж-а С. очогу м-н организм туташ байланышта деп далилдеген. С-нүн себептери сырткы (бактериялар, нур же электр энергиясынын таасирлери ж. б.), ички (организмдин өзүндө пайда болгон бузук ткандын продуктулары, тромб ж. б.) болуп бөлүнөт. С-го кан тамырлардын реакциясы (кан агымы басаңдап, кан тамырлар кеңейип ж-а өткөргүчтүгү күчөгөндүктөн плазма м-н *лейкоциттер* сыртка чыгып, экссудат пайда болот), альтерация (ткандар жараланып, *дистрофия* ж-а *некрозго* учурайт), пролиферация (сезгенген жерде клеткалар көбөйөт) ж-а *регенерация* мүнөздүү. С. процессинин жүрүшүнө нерв, эндокрин системалар таасир тийгизет. С-дө организмде *антителолордун* пайда болуну күчөйт. Аны м-н бирге канда лейкоциттер көбөйүп, *эритроциттердин* чокмо реакциясы күчөйт ж. б.

Ад.: Альперн Д. Е., Воспаление (Вопросы патологии), М., 1959; Струков А. И., Патологическая анатомия, М., 1970.

СЕЗГЕНҮҮГӨ КАРШЫ ДАРЫЛАР— сезгенүү реакцияларын басаңдатуучу дары-дармектер. Аларга салицил к-тасынын (натрий салицилаты, салициламид, ацетилсалицил к-тасы ж. б.), пиразолондун (амидопирин, анальгин, бутадион ж. б.), индолдун (индометацин) бирикмелери кирет. Алар *кызыл жүгүрүк, неврит, миозит, полиартрит* ж. б-ды дарылоодо колдонулат. Бөйрөк үстүндөгү бездердин кыртышынын гормондору (кортикостероиддер — кортизон, гидрокортизон, синтез жолу м-н алынган преднизолон, дексаметазон, синалар ж. б.) сезгенүүгө каршы күчтүү таасир берет. О. эле сезгенген жерге кан тамырларды тарытуучу заттарды (адреналин, эфедрин, нафтизин) колдонуу жакшы натыйжа берет.

Ад.: Машковский М. Д., Лекарственные средства, ч. 1—2, 7 изд., 1972.

СЕЗГИЧТИК — тирүү организмдин тышкы ж-а ички чөйрөнүн таасирине жооп кайтаруу жөндөмдүүлүгү. С. абс. (күчү аз дүүлүктүргүчтүн таасирине жооп берүү) ж-а дифференциалдуу (шартка карай өзгөрүп туруучу) болуп айырмаланат. С-ти олчөө түрдүү реакцияларды (жарыкка, шарттуу, болжолдоочу ж. б.) каттоо м-н байланыштуу. Абс. С. *адаптация* процессинде закон ченемдүү өзгөрүп турат. С-тин өзгөрүүсү кишинин жашоо шартына ж-а аткарган кызматына көз каранды.

СЕЗГИЧ ЭЛЕМЕНТ (автоматикада)— олчөгүч же башкаргыч системанын берилген чоңдуктун өзгөрүшүн көрсөтө (сезе) турган *билдиргичинин* кабылдагыч элементи. С. э. электр чыңалуусунун, электр тогунун, электр кубаттуулугунун, электр жыштыгынын, темп-ранын, нымдуулуктун, басымдын, бурч координаталарынын, айлануу ылдамдыгынын ж. б. физ. чоңдуктардын өзгөрүүсүн сезгич болуп бөлүнөт. С. э. кандайдыр физ. чоңдукту ага эквиваленттүү башка табияттагы физ. чоңдукка өзгөртөт. Мембрана, пьезокварц пластинка, гироскоп ж. б. С. э. милдетин аткарат.

СЕЗИМ — адамдын дүйнөгө ж-а өзүнө жасаган мамилесинин өзгөчө чагылышы. С. аздыр-көптүр туруктуу (сүйүү, жек көрүү, сыйлоо), же конкреттүү шартка байланыштуу кыска мөөнөткө созулушу мүмкүн (кубаныч, кайгы, уялуу ж. б.). Кийинкиси кээде эмоция деп да аталат. С. коомдук окуяларга, адамдарга, жаратылыш кубулуштарына ж. б. болгон субъективдүү мамилени туюнтканы м-н, алардын объективдүү сапаттарына да көз каранды. Ал тааным процесстери: сезүү-түюу, кабыл алуу, ой жүгүртүү ж. б. м-н байланышта пайда болот. С-дин калыптанышы адамдын жашоо шарты, иш-аракеттеринин жагдайы, нерв системасынын өзгөчөлүгү м-н шартталат. Ошондуктан С-дин терең-диги, туруктуулугу, таасирдүүлүгү ар кимде ар кандай. Ал адамдын мүнөздөгү өзгөчөлүктөрдү көрсөтөт. С. адамдын жүрүм-турумунда, практикалык ж-а тааным иш-аракеттеринде чоң мааниге ээ. С. активдүү (стеникалык) же пассивдүү (астеникалык) болуп бөлүнөт. Адам турмушунда стеникалык С-дер (кубаныч, жактыруу, сыйлоо ж. б.) оң мааниге, ал эми астеникалык С-дер (кайгы, жек көрүү, ичи тарлык ж. б.) терс мааниге ээ. С-дин өзгөчө түрлөрү: маанай, кумар, аффект (ашкере туталануу, ачууланууу). Турмушта жог. типтеги С-дер көрүнүктүү орунда турат. Алар: моралдык С-дер (коллективизм, милдет, абийир ж. б. байланыштуу), интеллектуалдык С-дер (тааным процессине, анын натыйжаларына байланыштуу), эстетикалык С-дер (сулуулук, коркөзүдүк ж. б. байланыштуу).

Ад.: Симонов П. В., Что такое эмоция, М., 1966; Гельгорн Э., Лудборроу Дж., Эмоции и эмоциональное расстройства, пер. с англ., М., 1966.



П. Сезанн.

СЕЗОНДУК ЖУМУШЧУЛАР — сов. укук б-ча табигый шарт м-н аба ырайына жараша белгилүү мөөнөткө (6 айдан ашык эмес) иштеген адамдар. С. ж. эмгек ж-дегү жалпы закондордогу укуктан пайдаланат. Бүга СССР Жог. Советинин 1974-ж. 24-сентябрдагы Указынын көэ бир үзүндүлөрү кирбейт. Мис., С. ж. мекеме жетекчилерине кат жүзүндө 3 күн мурда эскертип, эмгек келишимин бузууга акылуу. Булар өндүрүш түрүнө байланыштуу ишкана 2 жумадан ашык ишин токтотсо, жумушка убактылуу жарамсыз болуу себебинен кызматка бир айдан ашык чыкпай калса, иштеп бошотулат. Бул кезде С. ж-га бир жумалык эмгек акынын орто өлчөмү, ал эми аскер кызматына чакырылгандар үчүн 2 жумалык эмгек акы жардам катары төлөнөт. Эмгек отпускасы же отпускага чегерилип акчалай каражат берилбейт. Сезонду толук иштеп, кийин дагы иштөө үчүн мекеме же ишкана м-н келишим түзүп, өз мөөнөтүндө ишке чыккан жумушчулардын эмгек стажы толук сакталат.

СЕЗҮҮ ОРГАНДАРЫ — киши же жаныбарлардын сырттан келген дүүлүгүүлөрдү талдоого ж-а кабыл алууга адистелген анатом.-физиол. системасы. Бардык С. о. дүүлүгүүнү кабыл алуучу — рецепторлордон ж. б. түзүлүштөрдөн турат. Дүүлүгүүлөрдү көрүү, угуу, жыт сезүү органдары алыстан, ал эми даам татуу ж-а сезүү органдары ал органга тийгенде гана сезет (к. *Жыт сезүү органдары, Көз, Кулак, Тең салмактуулук органдары*).

СЕЙДАХМАТОВА Жамал (21. 9. 1938-ж. т., Ысык-Көл обл., Ысык-Көл р-ну, Темировка кыш.) — кыргыз совет актёру. Кыргыз ССР эл арт. (1977). Театрга 1957-ж. өздүк-көркөм чыг-лык коллективинен келген. Ырчы



Ж. Сейдахматова.



А. Сепитбекова.

катары да белгилүү. С. лирикалык маанайдагы, ички маанилерге бай образдарды түзүүгө чебер. Аткарган ролдору: Жамал (А. Дыйканбаев, «Мүрөктүн суусу»), Алиман, Сейде (Ч. Айтматов, «Саманчы жолу», «Бетме-бет»), Айганыш (А. Токомбаев, «Өлбөстүн үрөнү»), Катарина, Дездемона (У. Шекспир, «Азоого чалма», «Отелло»), Шайыргүл (Т. Абдумомунов, «Абийир кечирбейт»), Эркайым (Ш. Садыбакасов, «Ак боз ат»), Агафья Тихоновна (Н. Гоголь, «Үйлөнүү»), Шафак (М. Карим, «Ай тутулган түндө»), Уркуя (Н. Байтемиров, «Уркуя»), Алмагүл (Ч. Айтматов, К. Мухамеджанов, «Фудзиямадагы кадыр түн») ж. б. С. киного да



К. Жантошев. «Курманбек». Айганыш — Ж. Сейдахматова. 1964.

тартылган: Зиягүл («Алыскы тоолордо»), Хатша («Караш-караш окуясы»), Жамал («Ташка баткан элестер»), Фатима («Улан») ж. б.

Лит.: Молдобаев Ж., Жамал Сейдахматова, к-пте: Сахнаның жана экрандын жылдыздары, Фр., 1978, 93—102-б.

СЕПИТБЕКОВА Асылбүбү (20. 3. 1917, азыркы Нарын обл., Ат-Башы р-ну, Ак-Моюн кыш.— 1966, ошол жерде)— Соц. Эмг. Баатыры (1957). Кыргыз ССРинин мал чарбага эмг. сиң. устаты (1955). 1954-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1934-ж. колхозчудан баштаган. 1948-жылдан малчы болуп иштеген. 1956-ж. 40 үйдүн ар биринин тирүү салмагын 455 кгдан мамлекетке тапшырган. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

СЕПИТКАЗЫ — Ош обл-ның Базар-Коргон р-нундагы Совет айыл совети. Октябрдын 60 жылдыгы атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Базар-Коргондон 30 *км* түн. таранта. Жалал-Абад т. ж. станциясынан 63 км. Калкы 685 (1979). Сегиз жылдык мектеп, китепкана, медпункт бар.

СЕПМ — Десна́нын сол куймасы. Уз. 748 *км*. Алабынын аянты 27 500 *км*². Орто Орус дөңсөөсүнөн башталат. Өрөөнү жазы. Негизинен кар суусунан куралат. Орт. чыгымы чатынан 105 *км* аралыкта 99,6 *м*³/*сек*. Ноябрь—декабрда тоңун, март — апрелде ачылат. Төмөнкү агымында кеме жүрөт. Дарыя боюнда Льгов, Курск, Рыльск, Путивль ш-лары жайгашкан.

СЕПМ — 1) Польша, Чехия ж-а Литванын сословиелик феод. монархияларында сословиелүү-өкүлдүк орган. 2) Автономиялык укук м-н Россия империясынын составына кирген Финляндия княздыгындагы (1809—1917) парламенттин орусча аталышы. 3) 1922—40-ж. бурж. Литвадагы (1922-жылкы конституциялар б-ча) ж-а 1922—34-ж. бурж. Латвиядагы (1922-жылкы конституция б-ча) парламент; бурж. Польшада парламенттин төмөнкү палатасы (1921-жылкы конституция б-ча). 4) ПЭРде 1952-жылкы конституция б-ча мамл. бийликтин жог. ж-а закон чыгаруучу органы. Аны 4 жылга шайлайт, к. *Польша* (мамл. түзүлүшү).

СЕПРЕК ЖЕР ЖАНА ЧАЧЫНДЫ ЭЛЕМЕНТТЕРДИН КЕНДЕРИ — составында экон. жактан казып ж-а болуп алууга арзырлык өлчөмдө сепрек жер элементтери ж-а чачынды элементтери бар минералдардын табигый чогундусу. Алар негизинен башка металлдарды ж-а кендерди казып ж-а болуп алуу процесстеринде кошо өндүрүлөт. Чачынды элементтер м-н кошо казып алынуучу руда кендеринин бир нече түрү белгилүү. Мис., германий элементи Улуу Британияда коктуу көмүрдөн, Японияда лигниттерден, АКШда Миссисипи өрөөнүндөгү коргошун-цинк кендеринен, Бельгияда германийдин өз кенинен болуп алынат. Ванадий СССРде Уралдагы титан-магнетит рудаларынан, АКШда составында уран кездешүүчү корнатиттүү кумдуктардан, Перуда ванадий кенинен, Намибия м-н Замбияда полиметалл кендеринин кычкылдануу зонасынан алынат. 1969—72-ж. капит. өлкөлөрдө (миң *т* м-н) ванадий 13—16, кадмий 10—15, селен 1—1,2, теллур 0,16—0,18, германий 0,009—0,11, индий 0,005—0,006, таллий 0,0013—0,0014, рений 0,0004 өндүрүлгөн.

Лит.: Геохимия, минералогия и генетические типы месторождений редких элементов. т. 1—2, М., 1964; Магакьян И. Г., Редкие, рассеянные и редкоземельные элементы, Ер., 1971.

СЕПРЕК ЖЕР ЭЛЕМЕНТТЕР — Менделеевдин мезгилдик системасынын III тобундагы хим. элементтер: *иттрий* Y, *лантан* La ж-а *лантаноиддер* (ат. н. 58ден 71ге чейинки). Айрым учурда С. ж. э-ине скандий Sc да кирет. Алардын атомдорунун сыртқы катмарынын бирдей түзүлүшү табиятта бирге жолугушуна, хим. касиетинин окшоштугуна себеп болот. С. ж. э. ден аталганынын себеби — 1-ден жер кыртышында сейрек кездешет; 2-ден алардын кычкылдары (19-к-га чейин «жер» деп аталган) сууда эрибейт ж-а эрүү темп-расы жогору. С. ж. э. 2 топчого бөлүнөт: церий (лантан, церий, празеодим, неодим, самарий) ж-а иттрий (иттрий, тербий, гадолиний, диспрозий, гольмий, эрбий, тулий, иттербий). С. ж. э. бирикмелеринен кристаллдаштыруу, экстракциялоо ж. б. ыкмалар м-н алынат. Эл чарбасынын түрдүү тармактарында кеңири колдонулууда.


СЕПРЕК КЕЗДЕШҮҮЧҮ МЕТАЛЛДАР — шарттуу аталган металлдар (50ден ашык) тобу. Бул металлдар техникада азырынча аз пайдаланылат ж-а толук изилдене элек, пайдалануу масштабы туруктуу эмес. С. к. м. жер кыртышында ар түрдүү тоо тектердин арасында чачыранды түрдө аз таралгандыктан аларды өзүнчө таза түрүндө бөлүп алуу технол. жактан кыйын. Ошондуктан С. к. м-дын изилдениши ж-а өздөштүрүлүшү кийин пайда болду. Айрыкча 2-дүйн. согуштан (1939—45) кийин С. к. м-ды пайдалануу ылдам өнүгө баштады. Алар тез учуучу самолётторду жасоого, ракета курууга, электроникага, атом энергетикасына өте керек.

С. к. м. хим.-физ. касиеттеринин жалпылыгына, өндүрүп алуу, пайдалануу технологиясынын окшоштугуна ж. б. белгилерине карай төмөнкү класстарга бөлүнөт: жеңил (литий, рубидий, цезий, бериллий), начар эрий турган (титан, цирконий, гафний, ванадий, ниобий, тантал, молибден, вольфрам), чачыранды (галлий, индий, таллий, германий, селен, теллур, рений), сейрек жер элементтери (скандий, иттрий, лантан ж-а лантаноиддер), радиоактивдүү (франций, радий, актиний, торий, протактиний, уран, плутоний, полоний, технеций). Бирок, бул классификация азырынча туруктуу эмес. С. к. м. жаратылышта өзүнчө кен катары кезикпейт. Алар айрым минералдардын составында кошунду же айрым руда кендеринде жандооч минерал катары жолугат.

Лит.: Зеликман А. Н., Меерсон Г. А., Металлургия редких металлов, М., 1973; Химия и технология редких и рассеянных элементов, под ред. К. А. Большакова, т. 2, М., 1969.

СЕПРЕКТЕЛГЕН ГАЗДАРДЫН АЭРОДИНАМИКАСЫ — газ механикасынын газ молекулаларынын структурасын эсепке алуу м-н газдардын кыймылын изилдөөчү бөлүмү. Атмраның жог. катмарында учуучу перселерге (метеорит, спутник, ракета ж. б.) аракет кылуучу аэродинамикалык күчтөрдү, моментти ж-а аэродинамикалык ысууну аныктоодо С. г. а.

өзгөчө маанless эе. Атм-раның жог. катмарында газ молекулалары өтө сейрек ж-а алардын эркин жүрүү жолунун орт. уз. *l*, учуучу нерсенин өлчөмү *d* м-н чамалаш. Ошондуктан газ агымын эсептөөдө аэродинамикасынын ж-а газ динамикасынын методу жараксыз. Аны эсептөөдө *газдардын кинетикалык теориясы* колдонулат. Нерсе өтө чоң ылдамдык м-н учканда газ өтө ысып, диссоциация, иондошуу ж. б. кубулушу пайда болот. Бул проблемалар да С. г. а-нда изилденет. С. г. а. үч областка бөлүнөт: 1) молекулалардын эркин агымы, 2) аралык область, 3) молекулалардын сыйгалануу агымы (к. сүрөт). Нерседен чагылган молекулалардын эркин өтүү жолунун уз. *l* — нерсенин өлчөмүнөн чоң. Аралык областта $l/d \sim 1$ болгондо молекулалардын кагылышуулары маанилүү ролду ойнойт. Молекулалардын сыйгалануу



Үндөн тез ылдамдыктагы агын жанып өтүүчү жалпак, чексиз узун жука пластинанын жанындагы ар кандай агындардын шарттуу схемасы: *A* — бир жолку кагылышуудагы мол. эркин агым; *B* — көп жолку кагылышуудагы фазалык область; *C* — сыйгалануу агымы; *D* — континиум; *1* — согуу толкуну; *2* — чектеги катмардын чеги (жебелер стенкалардан берилген аралыктагы ылдамдыктын маанисин көрсөтөт); *3* — молекулалардын макроскопиялык ыкымылы (зоналардын ж-а областтардын масштабдары сакталган жок).

агымында, нерсенин өлчөмү *l* ден ондогон эсе чоң. Агымдын бул бөлүгүндө газ динамикасы үчүн мүнөздүү болгон *согуу толкуну* ж-а учуучу нерсенин бетинде чек аралык катмар пайда болушу мүмкүн.

Лит.: Аэродинамика разреженных газов, сб. 1, под ред. С. В. Валландера, Л., 1963; Паттерсон Г. Н., Молекулярное течение газов, пер. с англ., М., 1960.

СЕПРЕК ТҮКТҮҮ КУРТТАР, олигохеттер (Oligochaeta) — шакектүү курттар классы. Уз. 1 *мм* — 2,5 *м*. Тулку сегменттерден турат. С. т. к-дын ооз сегментинен башка бардык сегментинде топ-топ болгон түктөрү болот. Алар — гермафродиттер. Азыркы убакта топуракта, көлдө ж-а сазда жашоочу 3000дей түрү белгилүү. Өкүлдөрү жыныссыз, айрымдары *партеногенез* жолу м-н көбөйөт. Жумурткалары метаморфозсуз өөрчүйт. Булардын кээ бири кыртыштагы, көлмолордогу зат алмашууда, заттардын топтолушуна көмөкчү болот.


СЕПСМДИК РАЙОНДОШТУРУУ — сейсмдик жактан активдүү райондогу потенциалдык сейсм коркунучун баалоо (к. *Жер титирөө*). Сейсмдик жактан коркунучтуу райондор мурда болуп өткөн жер титирөөлөр ж-дөгү маалыматтарга ж-а райондун геол. өзгөчөлүгүн изилдөөнүн натыйжасына, о. эле микросейсмдик маалыматтарга негизделип ажыратылат. С. р-нун карталарында ар кандай геогр. пункт үчүн орт. кыртыштык шартта термелүүнүн интенсивдүүлүгү балл эсебинде көрсөтүлөт. Орт. кыртыштык шартка чопо, кумай топурак, кум, кумдуу топурак кирет.

СССРде сейсмдик жактан коркунучтуу райондун жалпы аянты өлкөнүн аймагынын 28,6%ин түзөт (9 баллдуу р-ндор 2,4%, 8 баллдуу р-ндор 3,2%). 9 баллдуу жер титирөөлөрдүн болушу мүмкүн болгон райондорго О. Азия, Байкал бою, Камчатка, Курил а-дары ж. б., 8 баллдуулуга Молдавия, Крым, Кавказ, Түш. Сибирь ж. б. кирет. С. р-нун колдонулуп жаткан картасын СССР Мин. Советинин курулуш иштери б-ча Мамл. комитети 1969-ж. бекиткен (СН и П II—А. 12—69). Бул картада орт. кыртыш үчүн (ГОСТ 6249—52 сейсм шкаласы б-ча) 6, 7, 8, 9 баллдуу жер титирөөлөр, о. эле титирөөнүн интенсивдүүлүгү 9 баллдан жогору болушу мүмкүн болгон райондор көрсөтүлгөн. С. р-нун картасы Болгария, Румыния, Монголия, АКШ, Япония ж. б. өлкөлөрдө да бар.

1975-ж. Кырг-ндын аймагынын 1:2 500 000 масштабдагы С. р. картасы түзүлгөн. 9 баллдуу зона негизинен Түн. ж-а Түш. Кырг-нда, 8 ж-а 7 баллдуу зоналар Ортоцку Тянь-Шанда ж-а Фергана өрөөнүндө.

Лит.: к. *Сейсмология* макаласынан.

СЕПСМДИК ЧАЛГЫНДОО — Жердин геол. түзүлүшүн изилдөө максатында сериилгич толкундун жер кыртышында таралуу өзгөчөлүгүн үйрөнүүгө негизделген *геофизиканын* методу. Серилгич толкундар жаруунун ж-а согуунун натыйжасында пайда болуп, жер катмарларына өтүп, ар тарапка тарайт. Жер кабаттарында толкундар чагылып ж-а сынып, бир



Чагылуучу толкундар методу м-н жүргүзүлүүчү сейсмдик чалгындоо жумуштарынын схемасы: *1* — сейсм кабыл алгычтар; *2* — сейсмдик чалгындоо станциясы; *3* — жардыруучу пункт; *4* — жардыруу орду; *5* — түз толкун; *6* — чагылган толкун.


аз болгуч жер бетине кайтат да, С. ч. станциясында катталат. Толкундун таралуу убактысын өлчөөнүн ж-а термелүүнүн мүнөзүн изилдөөнүн негизинде толкун чагылган ж-а сынган кабаттын терендигин, геол. чектин формасын аныктоого, толкун өткөн кабаттардагы тоо тектердин составын билүүгө болот. Сейсмдик методдор структуралык ж-а региондук геол. изилдөөлөрдө, нефть, табигый газ, темир рудасы, көмүр ж. б. кен байлыктарды изилдөөдө, о. эле инженердик геологияда кеңири пайдаланылат. С. ч-нун 2 негизги методу бар: *сынуучу толкундар менен чалгындоо методу, чагылуучу толкундар менен чалгындоо методу.*

Лит.: Сейсморазведка, 2 изд., М., 1970.

СЕПСМ КЫЗМАТЫ — стандарттуу программа м-н атайын ыкма б-ча жер титирөөлөрго үзгүлтүксүз байкоо жүргүзүү ж-а материалды жыйынтыктоо б-ча иштердин комплекси. С. к-ның башкы милдети — жер титирөө очогунун негизги параметрлерин (гипоцентрдин координатасын, жер титирөөнүн очогунда кыймылдын пайда болуу убагын, энергетикалык мүнөзүн ж. б.) системалуу аныктоо. Байкоолор *сейсм станциясында* жүргүзүлөт. Жыйынтыктоонун алгачкы материалы болуп сейсм станциясынын алгачкы бюллетени ж-а *сейсмограмма* эсептелет. С. к. бир катар мамлекеттерде ишке ашырылат: СССРде сейсмдик байкоонун бирдей системасы (СББС), АКШда Улуттук сейсм кызматы (NOS), Японияда Япон метеорол. агентствосу (ЯМА) түзүлгөн. Сейсмдикти дыкаттуу изилдөө үчүн региондук С. к. уюшулат. Эл аралык С. к-н Улуу Британиядагы Эл аралык сейсмология борбору жүргүзөт. Мында дүйнөнүн көпчүлүк сейсм станцияларында топтолгон маалыматтар жыйналат. Сейсмология борборлоруна станциялардан алгачкы информация келип турат. Маалыматтарды ЭЭМде иштеп чыгуунун натыйжасында жер титирөөнүн магнитудасы ж-а гипоцентринин координаталары системалуу аныкталат. С. к-ның маалыматтары Жердин түзүлүшүн, сейсмдүүлүгүн, о. эле жер титирөөнүн очогундагы процесстерди изилдөө үчүн пайдаланылат. С. к-ның маалыматтары атайын бюллетендерде ж. б. жарыяланат.

СЕЙСМО... (гр. seismós — термелиш, жер титирөө) — жер кыртышындагы термелишке (жер титирөөгө, жер алдындагы силкинүүгө) байланыштуу маани туюндуруучу татаал сөздөрдүн алдыңкы бөлүгү, мис., *сейсмограмма.*


СЕЙСМОГРАММА *(сейсмо... ж-а ...ограмма)* — сейсм толкундарынын сейсмографтын жардамы м-н жазылышы. Термелүүнү жазуунун техникасы түрдүүчө. Сейсмометрдин же гальванометрдин маятнигиндеги күзгүдөн чагылган жарык нурунун жардамы м-н фотокагазга жазуу кеңири таралган, о. эле көөлөнгөн, ак ж-а хим.



Сейсмограмма: *P*— узата толкундар; *S*— тууралыш толкундар.


жол м-н иштетилген кагазга да жазылат. С. м-н түрдүү сейсм толкундарынын байкоо пунктуна келген убакыт ж-а сейсмдик годографтан жер титиреонун пайда болгон убакыты ж-а очогунун орду аныкталат.

СЕЙСМОГРАФ *(сейсмо... ж-а ...граф)* — сейсм толкундарынан жер кыртышынын термелишин жазгыч прибор. Сейсмдик сигналды кабыл алгыч прибордон (сейсмометрден) ж-а каттагыч түзүлүштөн турат. Сейсмометрдин негизги бөлүгү — прибордун негизине бекитилген сериилгич жүк (мис.,



СКМ-3 сейсмометринин сыртқы көрүнүшү.

маятник). Прибордун негизи изилденүүчү объектиге кыймылсыз орнотулат. Объект термелгенде инерция б-ча жүк негизге салыштырмалуу кыймылдайт. Бул кыймыл азыркы сейсмометрлердин көпчүлүгүндө электр сигналына айландырылат. Ал сигнал мех., фотографиялык же магнит жазмалуу өзү жазгыч түзүлүштөрдө аналог формасында жазылып алынат (к. *Сейсмограмма).* Жазуунун динамикалык диапазонун кеңейтүү ж-а ЭЭМди пайдалануу ыңгайлуу болуш үчүн айрым учурда коддолгон цифра-



Сейсмографтын схемасы: *1*—сейсмометрдин жүгү; *2* — демпфер (жүктүн өз термелүүсүн токтотуучу түзүлүш); *3*— жүктүн кыймылын электр сигналына айландыргыч; *4* — күчөткүч фильтр; *5* — өзү жазгыч түзүлүш.

лык жазуу колдонулат. С-тын жеңөкөй түрлөрү да бар. Аларда сейсмометрдин жүгүнүн кыймылы мех. же оптикалык жол м-н күчөтүлүп, өзү жазгычта мех. же фотографиялык жазуу м-н жазылат.

СЕЙСМОЛОГИЯ *(сейсмо... ж-а ...логия)* — геофизиканын жер титиреөнү, анын себебин, пайда болуш ж-а таралышын изилдеген бөлүмү. Ал жер ичиндеги процесстерди, жер кыртышынын түзүлүшүн, курамын, касиеттерин изилдөө менен байланышкан маселелерди чечет. Сейсмология жер ичиндеги процесстерди изилдөөдө жер титиреө *толкундарынын* негизинде жер титиреөлөрдү ж-а Жердин ички түзүлүшүн изилдөөгө, о. эле кең байлыктарды табууга ж-а жарылууларды (мис., ядролук) каттоого болот. Жер титиреөлөрдү прогноздоо — ал титиреөлөрдүн ордун, күчүн ж-а убактысын алдын ала айтуудан турат. Бул иштер жер титиреөнү кабарлоочу, б. а. жер титиреөрдө жер кыртышы м-н мантиясынын физ.-мех. касиеттеринин өзгөрүшүнө байланыштуу болгон кубулуштарды изилдөөгө багытталат. Жер титиреөнү прогноздоонун элементи — *сейсмдик райондоштуруу.* Ал жер титиреөчү районду, титиреөнүн максималдуу күчүн ж-а орт. кайталануу жыштыгын көрсөтөт. Ал үчүн *сейсм станцияларынан* алынган маалыматтарга талдоо жүргүзүлөт. Сейсмдик байкоолорду оптималдаштырууга сейсм станцияларынын жайгашуу ордун тандоо (сейсмдик жактан активдүү зонанын жакшы «көрүнүшүн» ж-а төмөнкү деңгээлдеги микросейсмди камсыз кылуу) жолу м-н жетишилет. Жер титиреөго туруштук берүүчү курулушка зарыл маалыматтарды инженердик С. берет. С-ның негизги милдети — жер кыртышының, мантиясының ж-а ядросунун түзүлүшү ж-дегү маалыматтарды алуу. Буга негизги материалды сейсм толкундары ж-а алардын жер алдында таралуу ылдамдыгынын өзгөрүшү берет. Бул маселе сейсмдик годограф аркылуу чечилет.

1970-жылдардан С-ның жаңы тармагы — *жер титиреө очогунун физикасы* өнүгүүдө. Ал С-ның-озунун, теориялык механиканын ж-а тоо тектеринин талкалануу физикасынын маалыматтарын синтездейт.

Азыркы С. өтө сезгич өлчөгүч приборлор м-н камсыз болгон. Сейсм станцияларынан алынган информация ЭЭМдин ж-а автоматтык түзүлүштөрдүн жардамы м-н эсептелет. Сейсмдик термелүүлөрдү каттоо методдорун ж-а приборлордун түзүүнү С-ның атайын бөлүгү — *сейсмометрия* ишке ашырат. С. өз алдынча илим катары 19-к-дын 2-жарымынан өнүгө баштап, ага орус окумуштуусу Б. Б. Голицын, немец геофизиктери Э. Вихерт, Б. Гутенберг, англис окумуштуулары Ж. Милн, Х. Жефрис, югосл-ялык геофизик А. Мохоровичич, япон Ф. Омори ж. б. чоң салым кошкон. Россияда 1888-ж. Орус география коомунун Сейсмология комиссиясы түзүлгөн. Аспаптык С-ның башталышы Петербург ИАның Туруктуу борб. сейсмология комиссиясы м-н байланыштуу (1900). СССРде С. б-ча негизги изилдөөлөрдү СССР ИАның О. Ю. Шмидт атн. Жер физикасы ин-ту жүргүзөт.

1927-ж. Фрунзеде 1-сейсм станциясынын ишке киргизилиши м-н Кырг-нда туруктуу аспаптык сейсмдик байкоолор башталган. 1970-ж. Сары-Камыш жер титиреөсү С-ның өнүгүшүнө түртүк берди. Кыргыз ССР ИАның *Сейсмология институту* уюшулуп, кыска убакыттын ичинде сейсм станцияларынын саны көбөйдү. С. б-ча эл аралык байланышты геодезия ж-а геофизиканын Эл аралык Союзунун сейсмология ж-а жер физикасы б-ча Эл аралык ассоциациясы ишке ашырат. СССРде С. б-ча негизги басма орган — «Известия АН СССР. Серия физики Земли».

Ад.: Голицын Б. В., Избр. труды, т. 1—2, М., 1960; Гамбурцев Т. А., Избр. труды по сейсмологии, М., 1960; Атлас землетрясений в СССР, М., 1962; Предсказание землятрясений. Сб., пер. с англ., М., 1968; Сейсмическое районирование СССР. Сб., М., 1968; Экспериментальная сейсмология. Сб. ст., М., 1971.

СЕЙСМОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ Кыргыз ССР ИАның — сейсмология ж-а жер катмары б-ча изилдөө иштерин жүргүзүүчү ил. мекеме. С. и. Кыргыз ССР ИАның Геология институтун региондук сейсмология, тереңдик тектоника, неотектоника ж-а радиогеология лабор-яларының негизинде 1975-ж. уюшулган. Ин-т негизинен Кырг-ндын аймагынын сейсмдик шарттары, геол., сейсмотектоникалык түзүлүшү, жер титиреөнүн алгачкы кабар берүүчү кубулуштарын табуу, сейсмдик ж-а микросейсмдик райондоштуруу ж-а инженердик сейсмология б-ча изилдөө иштерин жүргүзөт. Анын ичинен деталдык сейсмдик райондоштуруу б-ча ин-т — О. Азия м-н Каз-нда башкы ил. мекеме. Ин-ттун 3 бөлүмү (сейсмдик байкоо жүргүзүү, инженердик сейсмология проблемалары, сейсмогеология ж-а геофизика), 10 ил. лабор-лы (региондук сейсмология; сейсмогравиметриялык ж-а аспаптык изилдөө; жер титиреөнүн алгачкы кабар берүүчү кубулуштарын издөө; сейсмдик аймактын жер кыртышын изилдөө; инженердик сейсмология; сейсмдик микрорайондоштуруу; радиогеология, сейсмогеохимия ж-а геофизика; геомагнетизм; тереңдик тектоника; неотектоника), 30 сейсм станциясы бар. Ин-тта Фрунзе, Ош, Токмок, Нарын, Жалал-Абад ш-ларынын комплекстүү сейсмдик микрорайондоштуруу карталары, Киров, Орто-Токой талаачындуруштук гидросейсм полигону ж-а сейсмдик информацияларды чогултуу, оперативдүү иштеп чыгуу борбору түзүлдү. Ин-тта Кыргыз ССР ИАның 1 корр. мүчөсү, илимдин 4 доктору, 25 кандидаты ж-а 50 ил. кызматкер иштейт (1978). Тунгуч директору К. Е. *Калмурзаев* (1975-жылдан). Ин-т өзүнүн ил. иштерин СССР ИАның О. Ю. Шмидт атн. Жер физикасы ин-ту ж-а союздаш респ-калардын ИАларынын сейсмология ин-ттары м-н тыгыз байланышта жүргүзөт.


СЕЙСМОМЕТРИЯ *(сейсмо... ж-а ...метрия)* — сейсмологиянын сейсм толкунунун таасиринен курулуштун ж-а кыртыштын термелүүсүн каттоочу (жазуучу) методдорду ж-а приборлорду иштеп чыгуучу бөлүгү. Сейсм толкунун жазуучу прибор — *сейсмограф,* жазуунун натыйжасы *сейсмограмма* аталат. Азыркы кездеги приборлордун комплекси термелүүнүн 10^{-9} мден бир нече *мг* чейинки диапазондогу амплитудасын ж-а *өүтүн* мүнөт бир үлүшүнөн ондогон *гүкө* чейинки диапазондогу жыштыгын каттайт. Сейсмдик станцияларда сейсм толкундарын каттоо автоматтуу түрдө үзгүлтүксүз жүргүзүлөт. Сейсмографтар тереңдетилген жайларда массивдүү фундаментке орнотулат. Инженердик сейсмологиялык изилдөөлөр үчүн сейсмограф типтүү имаратта — инженердик сейсмдик станцияда орнотулат.

СЕЙСМОТЕКТОНИКА *(сейсмо... ж-а тектоника)* — жер титиреөнүн геол. ж-а тектоникалык шарттарын изилдөөчү илим. С-ның негизги изилдөө объектилери: жер титиреөлөргө көп учурай турган эпигеосинклиналь орогендер, азыркы заманда *геосинклиналдар,* эпиплатформа орогендер (Тянь-Шань тоолору), азыркы материктик ж-а океандык рифтер, Беньофф зоналары, эң жаңы тектоникалык кыймылдар болуп турган аймактар. С-лык изилдөөлөрдү Кырг-ндын аймагында Кыргыз ССР ИАның *Сейсмология институту* жүргүзөт. С-лык изилдөөлөрдүн натыйжасында Кырг-нда сейсмдик райондоштуруу ж-а микрорайондоштуруу иштери жолго коюлууда.

Ад.: Сейсмотектоническая карта Европы. Масштаб 1 : 5 000 000, М., 1967; Ибрагимов Р. Н., Сейсмотектоника Ферганской впадины, Таш., 1970.

СЕЙСМ СТАНЦИЯСЫ — жер титиреодогу термелүүнү каттап, андан алынган маалыматтарды алгачкы талдоочу мекеме. Чечүүчү маселелерине карай телесейсмдик ж-а региондук болуп бөлүнөт. Телесейсмдик станция эпицентри 2000 *км*ден ашык аралыктагы сейсмдик сигналды, *региондук* С. с. эпицентрини аралыгы 2000 *км*ге чейинки жердеги жер титиреөнү каттайт. Дүйнөдө 2000дей С. с. бар (1974), анын 200дөн ашыгы СССР аймагында. Кырг-нда 13 регондук, 25 экспедициялык С. с. бар (1977). Дүйнөнүн бардык С. с. жер титиреөнү бир убакта (орт. гринвич убактысы) каттайт; сейсмдик толкундардын кыймылга келген учуру ж-а алардын динамикалык параметрлери өлчөнөт. Бул маалыматтар байланыш каналы б-ча тиешелүү эсеп борборуна жеткирилет. С. с. сейсмдик уюмдарда даярдалган инструкцияларга ылайык иштейт.

СЕЙСМ ТОЛКУНДАРЫ — жер титиреодөн, жарылуудан ж. б. себептерден Жерде таралган термелүүлөр. С. т. 1) деформация тибине карай узата, тууралыш ж-а беттик, 2) таралышына карай түз, чагылуучу, сынуучу, рефракциялык, дифракциялык ж. б., 3) таралуу убактысына карай үзгүлтүксүз ж-а үзгүлтүктүү, 4) сейсмдик чалгындоодо пайдалануу б-ча пайдалуу ж-а жолто болуучу толкундарга бөлүнөт. С. т-ның эң көп таралган түрлөрү — узата ж-а тууралыш толкундар. Узата С. т-ның аракетинен чөйрөнүн көлөмү өзгөрөт, кысылат ж-а чоюлат. Термелүү толкундун таралуу багыты б-ча өтөт (1-сүрөт, а). Тууралыштын С. т. чөйрөнүн көлөмүн өзгөртпейт. Термелүү толкундун таралуу багытына перпендикуляр болот (1-сүрөт, б).



1-сүрөт. Узата *(а)* ж-а тууралыш *(б)* сейсм толкундарындагы термелүүнүн блок-диаграммасы.


Бир өлчөй изотроп серпилгич чөйрөдө узата ж-а тууралыш толкундардын таралуу ылдамдыгы төмөнкү формула м-н аныкталат:

$$a=\sqrt{\frac{k+\frac{4}{3}\mu}{\rho}}$$ ж-а $$в=\sqrt{\frac{\mu}{\rho}}.$$ Мында

$k+\frac{4}{3}\mu=\lambda+2\mu$;

k — ар тараптан кысылуу модулу; λ ж-а μ — Ляме константтары (μ жылышуу модулу деп аталат). Узата толкундун ылдамдыгы тууралыш толкундукунан тез.

С. т.— сейсмологияда информациянын негизги булагы. Жер бетиндеги С. т-ның таралышын байкоо Жердин



2-сүрөт. Узата (*P*) ж-а тууралыш (*S*) толкундардын таралуу ылдамдыгының жердин тереңдигине багынышкылыгы.

түзүлүшүн изилдөөгө мүмкүндүк берет. С. т-ның касиеттери нефть ж-а газ кендерин изилдөөдө ж. б. пайдаланылат.

Ад.: Саваренский Е. Ф., Кирнос Д. П., Элементы сейсмологии и сейсмометрии, 2 изд., М., 1955; Саваренский Е. Ф., Сейсмические волны, М., 1972.

СЕЙСМ ШКАЛАСЫ — жер титиреодо термелүүнүн интенсивдүүлүгүн аныктоочу шкала. С. ш-ның көп түрү бар. Алардын жардамы м-н термелүүнүн интенсивдүүлүгү имараттын бузулуу даражасына, кыртыштын чала бузулуш чоңдугуна ж-а формасына, жер титиреөнүн ж. б. аракетинен калган сырткы көрсөткүчтөрө карата аныкталат. СССРде 12 баллдуу шкала (ГОСТ 6249—52) колдонулат. Бул шкала м-н жер титиреөнүн баллын аныктап үчүн жогоруда айтылган сырткы көрсөткүчтөр м-н бирге сейсмометриялык маалыматтар да эсепке алынат. Термелүүнүн интенсивдүүлүгүн аныктоодо MSK-64 шкаласы да пайдаланылат. Термелүүнүн интенсивдүүлүгү, о. эле жер титиреө энергиясынын магнитудасы (жер титиреөнүн очогунан чыккан энергиянын логарифмасына пропорциялаш болгон шарттуу чоңдук) б-ча да классификацияланат. Мис., 1948-ж. Ашхабаддагы жер титиреөнүн интенсивдүүлүгү 10 балл, магнитудасы 7,0, 1966-ж. Ташкендеги жер титиреөнүн интенсивдүүлүгү 8 балл, магнитудасы 5,3 болгон. Магнитуда *(M)*, интенсивдүүлүк (J_0) ж-а жер титиреө очогунун тереңдигинин *(h)* ортосунда байланыш төмөнкүчө чыгарылат: $J_0=\beta M-\nu\lg h+C$; мында β, ν ж-а C эмпирикалык жол м-н аныкталат. Айрым мамлекеттерде башка С. ш. (мис., Японияда 7 баллдуу шкала) пайдаланылат.

Ад.: Назаров А. Г., Дарбинян С. С., Основы количественного определения и интенсивности сильных землетрясений, Ер., 1974.



Т. Сейталиев.

СЕЙТАЛИЕВ Токтоналы (3. 12. 1937-ж. т., Панфилов р-ну, Жайылма кыш.) — кыргыз совет опера ырчысы (лирикалык тенор), Кыргыз ССР эл. арт. (1974). 1956-ж. Кыргыз опера ж-а балет театрынын студиясын, 1969-ж. Курманғазы атн. Казак консерваториясын бүткөн. 1957—62-ж. Кыргыз опера ж-а балет театрында хор артисти, 1969-жылдан солист. 1972-жылдан Күрөңкөев атн. муз. окуу жайында мугалим. С.— кең диапазондуу үнү бар таланттуу ырчы. Партиялары: Кузнецов (В. Власов, В. Фере, «Алтын кыз»), Сыргак, Күлчоро (А. Малдыбаев, В. Власов, В. Фере, «Манас», «Айчүрөк»), Тойтук (А. Аманбаев, «Бойдоктор»), Канат (М. Абдраев, «Бороон алдында»), Ленский (П. Чайковский, «Евгений Онегин»), Юродивый (М. Мусоргский, «Борис Годунов»), Фауст (Ш. Гуно, «Фауст»), Герцог, Альфред (Ж. Верди, «Риголетто», «Травната») ж. б. С. концерттик ырчы катары да белгилүү. Сов. Союзу б-ча ж-а айрым чет өлкөлөрдө гастролдо болгон.




Ж. Верди. «Риголетто». Герцог — Т. Сейталиев.



С. Сейфуллин.

Ад.: Боркоев Б., Токтоналы Сейталиев, к-нте: Сахнанын жана экрандын жылдыздары, Фр., 1978, 24—29-б.

«СЕЙТЕК» — *«Манас»* үчилтигинин үчүнчү болүгү. «С.» сюжеттик жагынан үчилтиктин «Манас», «Семетей» болүмдөрү м-н тыгыз байланышта болсо да, композициялык жагынан өз алдынча чыгарма. Анын негизги идеясы — мурунку эки болүмдөгүдөй эле ички ж-а тышкы душмандарды жок кылып, чабылып-чачылган элдин башын кошуу. Поэманын баш каарманы Сейтек чоң атасы Манастын, атасы Семетейдин ишин улантып, алардын самап, күрөшүп, толук жете албай келген ой-максатын жүзөго ашырат. Кыргыз элинин Канчоро, Кыяз сыяктуу кыянаттыл ички душмандарын, Желмогуз уулу Сарыбай (кээ бир варианттарда Кара дөө, Куллы) сыяктуу тышкы баскынчы душмандарын жок кылып, бейпилчилик турмушта жашап калышына шарт түзөт. Оппондуктан «С-тин» жалпы эле «Манас» үчилтигинин жыйынтыктоочу, корутундулоочу болүмү катары да кароого болот. Азыр Кыргыз ССР ИАнын Тил ж-а ад-т ин-тунун кол жазмалар фондусунда «С-тин» тогуз негизги варианты бар. Алар — акад. В. В. Радлов жазып алган вариант, С. Каралаев, Тоголок Молдо, Ш. Рысмендеев, М. Мусулманкулов (үзүндү түрүндө), Ж. Сарыков, Ы. Абдырахманов, Б. Сазанов, М. Чокморовдордун варианттары. Булардан сюжети терең ишгелип, образдары даана ачылганы, окуялары эпикалык арымда сүрөттолгону — Саякбай Каралаевдин варианты. Ал вариант «Манастын» кыскарта бириктирилип жарыяланган төрт томдугунун «С.» болүмүн түзөт. Варианттарда төмөндөгүдөй айырмачылыктар кездешет: Тоголок Молдонун, М. Мусулманкуловдун ж-а В. В. Радлов жазып алган вариантта окуя Сейтектин Таласка кайтып келип, Канчорону жок кылышы м-н алкайт; калган варианттарда буга чейинки окуялар негизинен ушул үч варианттагыдай эле сүрөттөлүп келет да, бир катар согуштук ж-а турмуштук сценалар кошумчаланат. Мис., Ж. Сарыков м-н Ы. Абдырахмановдун варианттарында Сейтектин үйлөнүшүнө катар эле Кара дөө м-н болгон согушу да айтылат. Ал эми С. Каралаев б-ча Кара дөө — Семетейдин досу, оң каарман: жер жүзүн кыдырып жүрүп, дарыгер Момунжанды изден таап, Кыяз далысынын кечирим кесип ташталган жаралуу Күлчоронун айыгышына жардам кылат, өзү Желмогуз уулу Сарыбай м-н урушта кармашып жатып курман болот. С. Каралаевдин варианттарында ж-а айрым башка варианттарда кайын болуп кеткен Семетейдин эле кошулушу, Желмогуз уулу Сарыбайдын кыргыздарга кол салышы ж-а анын Кайыпчал кызы Куллыдан жеңилиши, Куллыга байланыштуу романтикалык мүнөздөгү окуялар да өзүнчө баяндалат. Айтуучулардын «С-ти» жалпы эле «Манас» эпосунун баатырдык дүхүнда улантууга кылган умтулуу III. Рысмендеев м-н Б. Сазановдо бир кыйла ишенимдүү мотивировкаланган. Алардын варианттары б-ча баскынчы душман жомоктук-фантастикалык кейипкер Желмогуз уулу Сарыбай болбостон, толук реалдуулукка ээ каарман Коңурбайдын уулу Куллы. Ал Семетейден атасы Коңурбайдын кунун кууп, Таласка чабуул коёт. Айрым айтуучулар поэманын аягына Сейтектин балдары (С. Каралаевде — Алымсарык, Кулансарык, III. Рысмендеевде — Кулансарык, Кененсарык) ж-догу циклди киргизип, эпосту дагы кеңитүүгө далалаттангандыгы байкалат. Бирок бул сыяктуу көшүмчалар эл ичине кеңири тарай албаган. Оппон үчүн «С-тин» эл ичинде салт катары кеңири айтылып келе жаткан эпизоддору деп негизинен төмөндөгүлөр эле эсептелет: 1) Кыянатчы Канчоронун бийликке келиши



В. С. Гладков, А. Л. Шубин. «Сейтек» эпосуна фронтиспис ж-а титул. 1960.

тейчи деген сыяктуу) да ээ болбогон. «С-тин» кийин пайда болгонун андагы окуялардын сүрөттолүшү да ачык кабарлайт. Үчилтиктин биринчи болүмүндөгү монументтүүлүктүн, масштабдуулуктун, ашып-ташыган баатырдык дүхтун ордун мында кыргыз элинин кечээки жакын күндөрүндөгү реалдуу турмушундагы социалдык-тарыхый кагылыштардан чыккан корүнүштөр ээлейт. Каармандар да реалдуу адамдарга жакын. «Семетей» болүмүнө мүнөздүү которүнүү баатырдык-романтикалык мотивдер «С-те» драмалык мотивдер м-н алмашылып, деспот Канчоро тарабынан эзилген элдин зар-муңуна кеңири көңүл бурулуп, трагедиялуу маанай үстөмдүк кылгансыйт. Бирок поэмадагы бул маанай элдин сүйүктүү каармандарынын элге кайтып келиши, зордукчу душмандардын жок кылынышы, бейпилчилик замандын орношу м-н жуулун кетет.

Текст: Сейтек, 4-к., Фр., 1960.

Ад.: Сыдыкбеков Т., О народности «Сейтек» — третей части трилогии эпоса «Манас», в кн.: Киргизский героический эпос «Манас», М., 1961, с. 269—81; Юнусалиев Б., Об опыте создания сводного варианта эпоса «Манас», там же, с. 295—97; Жирмунский В. М., Введение в изучение эпоса «Манас», там же, с. 168—96; Сарыпбеков Р., Сейтектин атынын чыгышы жана ага байланыштуу айрым тарыхый маалыматтар, «Кыргызстан маданияты», 1976, 18-март.

СЕЙФ [англ. safe — ыпын болбоочу, кооптуу, бекем (ишенимдүү)] — документ, акча ж-а баалуу буюм сактоочу, отко күйгүс болот үкөк (кутуча) же сандык. Болот, темир-бетон дубалдуу, брондолгон, сырдуу тетик-түү кулпу, о. эле автомат сигнал берүү системасы м-н жабдылган банкалык сактоочу жай да С. деп аталат.

СЕЙФУЛЛИН Сакен (Садвакас; 12. 6. 1894, азыркы Жезказган обл., Акадыр конушу — 25. 2. 1938, Алматы) — казак совет жазуучусу, мамл. ишмер. 1918-жылдан КПСС мүчөсү. Омскидеги мугалимдер семинариясынан окуган (1913—16). Каз-нда Совет бийлигин орнотууга белсене катышкан. 1919-жылдан Акмолодо, Оренбургда жетекчи кызматтарда. Казак АССР ЭКСтин түңгуч пред-ли (1922—25), ББАКтын мүчөсү. 1925—37-ж. «Эңбекши казак» газетасынын, «Эдебиет майданы» журналынын редактору. Чыг-лары 1910-жылдан жарыялана баштаган. «Кызыл шумкарлар» (1920) пьесасы — казак ад-тында соц. рев-я ж-догу биринчи пьеса. «Азоо тулпар» (1922), «Домбра» (1924), «Экспресс» (1926), «Турмуш толкундарында» (1928) ыр жыйнактары рев-яны ж-а жаңы турмушту даңазалайт. «Советстан» (1926), «Альбатрос» (1933) поэмаларында Лениндин образын түзгөн. В. В. Маяковскийдин таасири м-н казак поэзиясына жаңылык киргизип, элдик поэзиянын салттарын өөрчүткөн. Ал «Тар жол, тайгак кечүү» (1927) ж-а «Айша» (1922), «Жер казгандар» (1928), «Жөмөкчөр» (1935)

аттуу повесттери м-н казак ад-тында реализмди негиздеген. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

Чыг.: Шыгармалар, т. 1—6, А., 1960—64; Тар жол, тайгак кечүү, Фр., 1968.

Ад.: Каратаев М., Сакен Сейфуллин, М., 1964; Кирабаев С., Сакен Сейфуллин. Критико-биогр. очерк, М., 1973.


СЕЙШЕЛ АРАЛДАРЫ, Сейшел Аралдары Республикасы — Инди океанынын батышындагы аралдар тобундагы (Альдабра, Дерош, Фаркуар аралдары м-н кошо) мамлекет. Британия ыктымагында. Мадагаскар а-нын түн.-чыгышында. Аянты 405 км², Калкы 60 миң (1977). Админ. борбору — Виктория ш. (калкы 15 миң, 1977). Ири аралдары: Маэ, Праслен, Силуэт.



Мамлекет башчысы — президент. Закон чыгаруучу жог. органы — Эл чогулушу.

С. А. гранит ж-а сиенит тоо тектердеп, майдалары кораллдарга турат. Бийик. 915 *м*ге чейин (Маэ а.). Климаты субэкватордук. Жылдык жаанчачыны 4000 *мм*ге жетет. Дайыма жашыл тропик токой басымдуу. Эндемиялык амфибиялар, деңиз таш бакалары, канаттуулар мекендейт. С. А-нда креол, африкалык бантулар, инди, кытай, француз ж. б. жашайт.

С. А-н 18-к-дын ортосунда француздар колониялаган. 18-к-дын аягында англистер басып алып, 1810-ж. британия эллиги деп жарыяланган. 1814-ж. британия колониясы Маврикий м-н бириктирилген. 19-к-да жерг. өкмөт органдары (аткаруучу ж-а закон чыгаруучу совет) түзүлгөн. 1903-жылдан Улуу Британиянын колониясы. 1976-ж. көз карандысыздыгы жарыяланып, конституциясы кабыл алынган. С. А-ндын демокр. партиясы ж-а С. А-ның элдик бириккен партиясы (1963-ж. уюшулган) иштейт. С. А. 1976-ж. мартта Улуу Британия ж-а АКШ м-н болгон сүйлөшүүдө



Альдабра, Дерош ж-а Фаркуар а-дарын кайра алууга жетишкен. 1976-ж. июнда Африка биримдиги уюмуна, августта ООНго кабыл алынган. КЭР, ГДР, РСР, ЮСФР ж-а СССР м-н дипл. мамиле түзгөн.

Экономикасынын негизин а. ч. түзөт. Кокос пальмасы, корица, ваниль, тамеки, чай, эфир майы алынуучу өсүмдүктөр өстүрүлөт. Копра ж-а корица иштетүүчү ө. ж. ишканалары бар. Туризмден киреше түшөт. Сыртка копра чыгарын, азык-түлүк, нефть продуктуларын, текстиль буюмдарын алат. Соода шериктери: АКШ, Индия, Улуу Британия, Иран, Кения. Акча бирдиги — сейшель рупийи.

СЕКАНС (лат. seco — кесем, болом дегенден) — тригонометриялык функциялардын бири; белгилениши sec. Тик бурчтуу үч бурчтукта тар бурчтун С-сы — гипотенузанын ошол тар бурчка жанаша жаткан катетине болгон катышы.

СЕКИ — рельефтин ар кандай өлчөмдөгү текчир сымал формасы. Пайда болушу ж-а морфол. түзүлүшү түрдүүчө. Мис., Куу-Сере С-си (Чоң-Кой-Суунун сол өйүзү) деңиз деңг. 3300—3400 *м* бийикте жайгашкан. Ал — неогенге чейин пайда болгон байыркы түздүктөрдүн калдыгы; үстү туз, стол сымал, капталдары тик. Жети-Огуз суусунун оң өйүзүндөгү Көк С.— антропогенде пайда болгон скульптуралык тектирче; сууну караган капталы тик, арт жагы (ийилген болүгү) тоонун капталына таянат.

СЕКИРИК — кубулуштардын же нерселердин сандык өзгөрүүлөрдүн натыйжасында жаңы сапатка өтүү процесси. Сандык өзгөрүү болмоюнча сапаттык өзгөрүү болбойт. С. өзгөргөн кубулуштун сандык ж-а сапаттык мүнөздөмөлөрүнүн жаңы биримдигин жаратат. Ал кубулуштардын ички касиеттерине ж-а тышкы шарттарга көз каранды. Салыштырмалуу түрдө С-терди эки түргө болүүгө болот. 1) Ыкчам С.— кубулуштун толук түрдө жаңы сапатка ылдам өтүшү (мис., капитализмден социализмге өтүү). 2) Жай С.— кубулуштун айрым бөлүктөрү өзгөрүп отуруп, акырындап өнүгүүнүн натыйжасында жаңы сапатка толук өтүшү (мис., социализмден коммунизмге өтүү), к. *Сандык өзгөрүүлөрдүн сапаттык өзгөрүүлөргө өтүшү.*

СЕКИРТМЕ, брадзот — койдун жугуштуу ылаңы. Койдун жалпы организми уучун, карын, боор ж. б. ички органдары дартка чалдыгат. Ылаңдаткычы — уу болуп чыгаруучу клостридиялар. С-ни өзүнчө дарт катары алгач И. Нильсен 1888-ж. Норвегияда жазган. Дартка бардык жаштагы кой чалдыгат. Ылаңдаткыч топуракта жашайт. Ылаң жаан-чачындуу жылы көп болот да, мурда С. чыккан чарбаларда жыл сайын кайталанат. Ооруган малдын өлүмү 100%ке жетип, чарбага экон. чоң зыян келтирет. Дарттын байкалуучу жыпаандары 10—15 *минга*, чанда 2—12 ска созулат. Таза эле көрүнгөн кой жыгылып, тыбырчылайт, калчылдап, кээде чычкактайт, ичи коон, мүрт өлөт. Дарылоо аргасы табыла элек. Профилактика—поливаленттүү канык вакцина м-н эмдөө. Карантин 14 күндөн кийин алынат.



Г. В. Секисов.

СЕКИРҮҮ — спорт өөнүнүн түрү. Үч топко бөлүнөт: 1) спорттун түрүнүн негизин түзүүчү (*парашют спорту*, батутта С.); 2) спорттун атайын бир түрү б-ча өз алдынча көнүгүү болуп эсептелген (узундукка ж-а бийиктикке С., трамплинден ж-а мунарадан суугa С., лыжа м-н трамплинден С., спорттук гимнастикада таянып С., акробатикада секирип көнүгүү ж. б.); 3) спорттун классикалык түрүнүн көнүгүүлөрүнө айрым элемент болуп кирген С. (мис., *корком гимнастикада, фигуралык муз тебүүдө).* Кырг-нда С-нүн көп түрү б-ча машыгуу өткөрүлөт.

СЕКИСОВ Геннадий Валентинович (17. 4. 1931-ж. т., Чита обл., Александр-Заводский р-ну, Онон Борзя кыш.) — тоо-кен иши б-ча сов. илимпоз; Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү (1979), тех. илимд. доктору (1975), проф. (1978). 1961-жылдан КПСС мүчөсү. Москва алтын ж-а түстүү металлдар ин-тун бүтүп (1953), ошол ин-тта аспирант (1954—1957), ил. кызматкер (1955—59), Кыргыз ССР ИАнын Тоо-кен иши ж-а металлургиясы ин-тунда ст. ил. кызматкер (1959—1963), Тоо тектердин механикасы ж-а физикасы ин-тунда лабор-я башчысы (1963-жылдан) ж-а ошол эле ин-ттун директорунун ил. иштери б-ча орун басары (1973-жылдан). С.—165тен ашык ил. эмгектин (анын 10у монография, бир нечеси ойлоп табуу) автору. Негизги ил. иштери кенди ачык жол м-н казып алууда андагы кен байлыкты комплекстүү ж-а рационалдуу пайдаланууга багытталган.

Эм г.: Способы и системы открытой разработки месторождений, Фр., 1966; Выемка и усреднение руд на карьерах Средней Азии, Фр., 1972; Рациональное использование недр при открытой разработке рудных месторождений, Фр., 1976.

СЕККИМ — Индиядагы штат. Гималайдын чыгышында. Непал, Бутан ж-а Кытай м-н чектеш. Аянты 7,3 миң км². Калкы 208,6 миң (1971).

Башкы шаары — Гангток. С.—агрардык район. Негизги а. ч. өсүмдүктөрү: шалы, жүгөрү, батат, соя. Кардамонду (татымал ж-а мед. зат) дүйн. рынокко чыгарат. Мал чарбасы (бодо мал, кой) бар. Жыгач даярдалат. Кол өнөрчүлүк (зергерчилик, жыгачка оймо түшүрүү, килем токуу) таралган. Рениодо полиметалл рудасы иштетилет. Асыл таш иштетүү ишканалары бар. Туризм өнүккөн.

СЕКРЕТАРЬ (соңку лат. secretarius — ишенимдүү киши) — 1) уюмдун, мекеменин же бир кишинин иш кагаздарын тейлөөчү кызматчы; 2) чогулуш, кеңешме (заседание) протоколдорун түзүүчү адам; 3) парт. же коомдук уюмдун шайлоо аркылуу дайындалуучу башчысы; 4) ил. мекеменин күндөлүк ишине (окумуштуу С.) же атайын уюмдаштыруу ж-а аткаруу органына — секретариатка башчылык кылчу *кызмат адамы*.

СЕКРЕЦИЯ (лат. secretio—бөлүнүү) — без клеткаларынын кээ бир биол. заттарды, б. а. секретти бөлүп чыгарышы. Тирүү организмдин ар бир клеткасында тынымсыз зат алмашуу процесси жүрүп тургандыктан анда ар кандай заттар пайда болот. Алар без клеткаларына чогулуп, аны курчаган мембрападагы майда жылчыктар же диффузия м-н бөлүнүп чыгарылат. Без клеткаларынан секрет (мис., *гормондор)* түз эле канга чыгарылса, ички С. деп аталат. Ал эми секрет (шилекей, жаш, тер, карын мацызы ж. б.) без клеткадан атайын түтүкчө аркылуу тышкы чөйрого же аны м-н байланышкан органдарга чыгарылса, тышкы С. делет. С. нерв системасынын, гормондордун, катиондордун (Na^+, K^+, Ca^{2+} ж. б.), ферменттердин (мис., аденилциклаза) жардамы м-н жөнгө салынат.

СЕКРЕЦИЯ — тоо тектердин көңдөйүндө пайда болгон тоголок формадагы минерал агрегаты. С. минералы тоо тек көңдөйүнүн беттеринен ортосуна карай кат-кат болуп кристалдануу өзгөчөлүгү м-н мүнөздүү. Ар бир кабатча көбүнчө составы же оптикалык касиеттери жагынан бир биринен айырмаланат. Ири көңдөйчөлөрдүн ортосу бош бойдон калып, беттеринде кристалл друзасы — уручуктуу быдырлар кезигет. Майда С. (10 *мкге* чейин) миндалин, прилери жеод деп аталат. С-ныи пайда болушу гидротерм же гипергенг процесстерине байланыштуу.

СЕКСТЕТ (лат. sextus — алтынчы) — алты аткаруучудан түзүлгөн муз. ансамбль же ушул ансамбль үчүн жазылган муз. чыгарма.

СЕКСТИЛЛИОН (лат. sextus—алтынчы) — бирден кийин 21 нол туюндурулуучу сан, б. а. 10^{21}. Айрым өлкөлөрдө С. деп 10^{36} саны аталат.

СЕКТАНТЧЫЛЫК (лат. secta—окуу) диний — буддизм, ислам, иудаизм, христиан ж. б. диндерден бөлүнүп чыккан ж-а аларга каршы турган диний топтордун, жамааттардын ж-а бирикмелердин жалпы аты. С. үстөм түзүлүшкө каршы социалдык нааразылыктын диний көрүнүшү катары чыккан. Капитализмге чейинки формацияларда С. теңдик, биримдик үчүн үстөм таптарга каршы күрөштө динге ишенгендерди баш коштурган социалдык жалпылыктын түрү болгон. Секталардын бийлик аппараты, жалпыга милдеттүү догмалык системасы, туруктуу жоролголорү болгон эмес. Секталар эл массасынын таптык эзүүгө ж-а чет элдик үстөмдүккө каршы нааразылыгын чагылдырган. Мис., буддизмдеги брахманизм, иудаизмдеги ессейлер, сикарийлер, исламдагы исмаилит, кармат, харижит, ваххабит, махдис, бабид, христиан дининдеги адвентисттер, неговисттер, методисттер, квакерлер ж. б. Айрым секталар диний көз караштa эсхатологияны, хилиазмди кеңири таратышат. Азыр өнүккөн капит. өлкөлөрдө С. социалдык нааразылыкты диний сооротуу м-н алмаштырып, эл массасын саясий күрөштөн алагды кылууда. Ал эми колониялык ж-а көз каранды өлкөлөрдө С. колониализмге каршы элдик бошт. кыймыл м-н айкалышууда. Мис., Түш. Вьетнамда колонончылдарга каршы күрөштө 2-дүйн. согуштан (1939—45) кийин калыптанган христиан динининн, буддизм м-н даосизмдин айрым белгилерин камтыган «синкрет секталар» белгилүү роль ойноду. Россияда С. 17-к-дан пайда бопо баштаган. Анда христиан дининен 17-к-да хлысттар, 18-к-да скоптор, духоборлор, молокандар ж. б. секталар бөлүнүп чыккан. Окт. рев-ясына чейин О. Азияда ислам динининн суфизм, кадирия, ясевия, накшибандия, ал эми кыргыздар арасында эшен («чаптуу эшендер»), лячи («сыдуу адамдар») ж. б. секталары тараган.

Секталарга диний фанатизм, аскетизм, башкалардан оолактоо мүнөздүү. Соц. өлкөлөрдө С. жоюлууда.

Ад.: Критика религиозного сектантства, М., 1977; Мамбеталиев С., Кыргызстандагы мусулман секталарынын тарыхынан. Дин жана диний калдыктар. Фр., 1969; ошонуку, Кыргызстандагы мусулман секталары, Фр., 1971.

СЕКТОР (математикада). 1) Тегиздиктеги С.— фигуранын ички чекитинен чыккан эки шоола ж-а контурдун жаасы м-н чектелген ошол тегиз фигуранын бөлүгү. Тегеректеги С.— эки радиусу ж-а алар таянган жаа м-н чектелген тегеректин бөлүгү. С-дун аянты $lr/2$ же $\pi r^2\alpha/360°$, мында l — жаанын уз., α — бурч, r — тегеректин радиусу. 2) Мейкиндиктеги С.— чокусу фигуранын ичине жайгашкан конустук бет ж-а ал фигуранын конустук бет м-н кесилип алынуучу бети м-н чектелген персенин бөлүгү.

СЕКУЛЯРИЗАЦИЯ (лат. saecularis— граждандык) — 1) чиркөө менчигин (көбүнчө жерди) гражд. менчикке айландыруу; 2) Батыш Европада чиркөөнүн уруксаты м-н дин кызматчысынын гражд. абалга отүшү; 3) мад-тын, илимдин, ак-сезимдин диний таасирлерден бошонушу.

СЕКУНДА (лат. secunda divisio — экинчи жолу бөлүү) — 1) *Бирдиктердин эл аралык системасындагы* убакыт бирдиги. Белгилениши *сек.* С. цезий-133 атомунун негизги абалдагы эки эң жука деңгээлдеринин ортосундагы өтүшкө дал келүүчү 9 192 631 770 нурлануу мезгилине барабар убакыт. 2) Жылдыз С-сы 1/86400 орт. жылдыз суткасына же 0,997 269 566 *сек*га барабар. 3) Бурчтук С. тегиздиктеги бурчтардын бирдиги. Белгилениши — ″, 1″ = 1/3600 *градус* же 1/60 *мин.*

СЕКУНДОМЕР — убакытты саат, минута, секунда ж-а секунданын үлүштөрү м-н өлчөй турган прибор. 19-кдын аягындагы биринчи С-дө секунда жебеси гана болуп, убакыт секунда м-н гана өлчөнгөндүктөн ал С. деп аталып калган. С-дин чоңтоң, тагыпма ж-а коюлма түрлөрү бар. Ал саат сыяктуу эле мех., электр ж-а электрондук түзүлүштөн, аны жүргүзгүч, токтоткуч ж-а кайра нөлгө жылдыргыч механизмдерден турат. Мех. С-дин таксыздыгы 60 *секда*±0,08 *сек*, 30 *секда*±0,03 *сек.* Кварцтуу С-дин таксыздыгы ±0,001 *сек.*

СЕКЦИЯ (лат. sectio — кесилиш, бөлүнүш) — 1) уюм, мекеме ж. б-лардын бөлүмү же бөлүмчөсү; 2) съезддерде, кеңешмелерде белгилүү маселелерди чечүүгө бөлүнгөн делегаттар тобу.

СЕЛ (ар. сайль — долу агым) — тоо сууларынын нугунда күтүлбөгөн жерден пайда болгон убактылуу суу ташкыны. Суу деңгээлинин тез көтөрүлүшү ж-а сууда кум, таш, чопо сыяктуу катуу материалдардын көп (10—15тен 75%ке чейин) болушу м-н мүнөздөлөт. С. нөшөрлөгөн жамгырдан, мөңгү же кардын тез эришинен ж-а көшкөн кесек материалдын нукта топтолуусунан (жантайыңкы жерлерде) пайда болот. С. СССРдин көчүлүк тоолуу райондоруна (Кавказ, О. Азия, Крым, Карпат, Чыгыш Сибирь ж. б.) мүнөздүү. Кырг-нда С. көп болот. Мис., тоодогу көлдөрдүн табигый байламтаны жырын кетишинен Кыргыз Ала-Тоосунун Ысык-Ата (1952), Ала-Арча (1953) капчыгайларында, Кичи-Алай кырка тоосунда (Исфайрамсай, 1966) С. жүргөн. 1977-ж. Кичи-Алай кырка тоосундагы Жал өрөөнүндө (Кызыл-Кыя ш-на жакын жерде) нөшөрлөгөн катуу жамгырдан кийин С. пайда болуп, андагы суунун чыгымы 300—350 $м^3/сек$, ылдамд. 5 *м/сек*га жеткен. Айрым учурда С. агымынын ылдамд. 10—15 *м/сек*га жетет. С. жолдорду, курулуштү, айдоо жерлерди ж. б. зыянга учуратат (к. *Селден сактануу).*

СЕЛДЕН САКТАНУУ — суу ташкыны, сел, кыян, суу кирүү, суу жеп кетүү сыяктуу табигый кырсыктан коргонуу чараларын көрүү. Селге каршы күрөшүүнүн эң натыйжалуу ыкмасы — суу сактагыч куруу аркылуу тоонун деңгээлин жонго салып туруу. Суу нугуна гидротех. курулуш: плотина, канал, буума, байламта ж. б. салынат, дарыя жээгине бакдарак тигилет, к. *Кирвен суу.*

СЕЛЕВКИЛЕР — Александр Македонскийдин империясы кулаган соң Батыш Азияда түзүлгөн эллиндик мамлекеттердин бирин башкарган династия (б. з. ч. 312—64-ж.). Негиздөөчү Селевк I Никатордун (б. з. ч. 312—280) атынан аталган. Борбору — 300-жылга чейин Селевкия, 300-жылдан — Антиохия. С. мамлекети Антиох III түшунда (б. з. ч. 223—187) өтө гүлдөп, Сирия, Месопотамия, К. Азиянын бир бөлүгүн, Иран тайпак тоосун ж-а О. Азиянын бир бөлүгүн биригтирген. С. мамлекетинин аймагы сатрапияларга бөлүнгөн. Анын бир типтүү тыйын системасы ж-а календары болуп, экон. негизин дыйканчылык түзгөн. Аскердик-админ. бирикме Селевк IV Филопатор (187—175), Антиох IV Епифан (175—163) ж-а андан кийинки падышалар түшунда начарлап, бара-бара Римге көз каранды боло баштаган. Б. з. ч. 64-ж. анын аймагынын акыркы бөлүгү — Сирияны римдиктер каратқан соң С. мамлекети кулаган.

СЕЛЕЛМЕ — адамдын ж-а жаныбардын жугуштуу оорусу. Мында нерв системасы жабыркап, дене карышат. Оору козогоч — селейме таякчасы анаэроб; спорасы кыртышта, буюмкечекте жылдан сакталат да, жараат аркылуу денеге кирип, оору пайда кылат. Дарт согуш мезгилинде көп кезденип, тынчтык мезгилде майда тиричилик травмадан болот. СССРде чанда жолугат. Инкубация мезгили 3—30 күн. Негизги белгилери — булчуң карышып, жарааттуу жер сызгайт, жараатка тапанташ булчуң бүлкүлдөйт, тамак ооруйт. Жаак, кийинчерээк моюн ж. б. булчуңдар тырышып, желке тартылат, кыр арка кайрылып, оорулуу адамдын кежигеси м-н согончогу гана керебетке тийет. Карышуу өзүнчө же тышкы чөйрөнүн (ызы-чуу, жарык) таасиринен болуп, бир нече секундадан бир нече минутага созулат, кээде булчуң үзүлүп, соок сыныи кетет. Дем алуу, боор эт, тамак булчуңу карышуудан адамдын деми кысылып, каза болушу мүмкүн. Дарылоо: оорулууну тынчсыздандырбай, туура тамактандыруу, карышууга каршы терапия; оору катуу кармаганда — кураре сымал дарыдармек, дартка каршы сыворотка (гаммаглобулин). Профилактика — пландуу активдүү иммундоо ж-а травмада тез жардам көрсөтүү. Балдар алдын ала иммундалып, чоңдор селейме анатоксини м-н эмделет.

С. малда жылкы, уй, чочко ж. б-ны жабыркатат. Айрыкча жаш мал ыланбайт. Малдын жараатына топо, кык аркылуу С. микробу киргенде ыланга чалдыгат. Инкубация мезгили 1—3 жума. Дене, өзгөчө жаак булчуң карышын (тризм), көз сурмасы түшөт, тамоо кеңейип, ич тартылат, төрт аягын керип, желкеси карышат. Олор алдында дене темп-расы 40—42°Сге көтөрүлөт. Дарылоо — С-ге каршы сыворотка, хлоралгидрат, аминазин. Профилактика — жараатты өз убагында тазалоо, мал бычууда, туутта асептика ж-а антисептика эрежелерин сактоо, анатоксин м-н эмдөө.

СЕЛЕКЦИЯ (лат. selectio — тандоо, ылгоо) — 1) өсүмдүк сортун, гибридин ж-а жаныбар породасын чыгаруу ыкмаларын изилдөөчү илим. 2) А. ч. өсүмдүгүнүн сортун, гибридин, малдын жаңы породасын чыгарып тараттуучу а. ч. өндүрүшүнүн тармагы. С. өсүмдүк ж-а жаныбардын түкүм куучу касиетин өзгөртүп, таланка ылайык жаңыртуу жолун иштеп чыгууну жүзөгө ашырат. Мында табигый тандоо жасалма тандоо м-н бир аз алмашылат. С. калкты азык-түлүк м-н камсыз кылууда маанилүү. С-ныи өсүшүнөн өсүмдүктүн түшүмдүүлүгү, малдын кунардуулугу жогорулады. С. нини үзгүлтүксүз өзгөрүп, дайыма жаңыланып турат. Мис., СССРде 1930—40-ж. буудайдын Лютесценс 62, Цезиум 111, Украинка сорттору кеңири райондоштурулуп, гектарынан 25—30 *ц* түшүм алынган. Кийин Безостая 1, Миронов 808, Аврора, Кавказ сорттору м-н жаңыртылып, түшүмү 50—70 *ц/га* дан айланган. С. анатомия, морфология, физиология, өсүмдүк ж-а жаныбар экологиясы, биохимия, иммунология, фитопатология, энтомология, өсүмдүк өстүрүүчүлүк, зоотехния ж. б. илим м-н тыгыз байланыштуу. С-ныи ил. базасы, негизи — *генетика.*

С. байыртан эл арасында пайдаланылып, жасалма тандоо ниин илимге таянбай жүргүзүлгөн. Ошондой болсо да жоокөй С. аркылуу өсүмдүктүн көп түрү, мал породасы пайда болгон. Египетте ж-а Месопотамияда б. а. ч. эле курма пальмасын көдөн чаңдаштыруу колдонулган. Элдик С-ныи негизинде каракөл, роман койлору, араб, ахалтеке жылкылары, украин боз ую ж. б. чыгарылган. 18-к-дын аягы 19-к-дын башында Улуу Британияда биринчи жолу С. питомниги түзүлүп, андан алынган асыл түкүм мал породасы көп өлкөнү камсыз кылган. Европа м-н Америкада үрөн фирмалары, С. тажрыйба уюмдары уюшулган. Ч. Дарвиндин эволюциялык окуусу (к. *Дарвинизм)* ж-а Г. Менделдин закондору өсүмдүк ж-а жаныбар организмдеринин түкүм куучуу касиетин ачты. Россияда И. В. *Мичурин* момо-жемишгин жаңы сортторун чыгарууда көп эмгектенген. 1903-ж. Москва а. ч. ин-тунда (азыркы К. А. Тимирязев атн. а. ч. академиясы) С. станциясы уюшулуп, биринчи жолу өлкөдө дан эгин ж-а кырдын жаңы сорттору чыгарылган. 1909—14-ж. Харьков, Саратов ж. б. жерде тажрыйба станциялар иштеген.

1921-ж. В. И. Ленин кол койгон «Уроичүлүк жөнүндө» декрет чыккан. СССРде 1920—30-ж. мамл. сорт сыноо, ил. из. селекция тармагы түзүлүп, сорт райондоштуруу жүргүзүлгөн. Н. И. *Вавиловдун* эмгектери С-ныи практикада кеңири пайдаланыла башталды. Малдын генетикалык С-сынын өсүшүнө М. Ф. Иванов, П. Н. Кулешов, А. С. Серебровский ж. б. зор салым кошкон. С-да колдонулуучу негизги методдор: тандоо, гибридөө, мутагенөз, полиплоидия. Тандоо С-ныи негизин түзүп, жалпы ж-а жекече, бир ж-а көп жолу жүргүзүлөт. Гибриддөөдө сорт же породадагы айрым кемчиликтер жасалма түрдө оңдолуп, бардык оң касиеттери алынат. Гетерозис кубулушун пайдаланганда биринчи тукумдан жог. өндүрүмдүү гибрид чыгат. Ал жүгөрү, сорго, бадыраң, томат ж. б-да колдонулат. С-ныи перспективалуу методу — жасалма мутагенез. Ар түрдүү өсүмдүктүн уругунун түкүм куучуу касиетин түрдүү хим. зат ж-а нурдун жардамы м-н өзгөртүүгө болот (к. *Мутация).*

Совет бийлиги убагында С. илими зор жетишкендиктерге ээ болуп, нечен сорт жаңыланууда. Күздүк буудайдын Безостая 1, Миронов 808, Миронов юбилейи, Ильичёвка, жаздык буудайдан Саратов 29, 210, 38 ж. б. жаңы селекциялык сорттор алынууда. Малдан купардуу кострома ую, казак ак баш ую, *ала-тоо ую, кыргыз жаңы жылкысы, тянь-шань кою* сыяктуу породалар чыгарылган. СССРдеги С-ныи бардык тармагы бири бири м-н байланышта иштейт. 1966-ж. Генетиктердин ж-а селекционерлердин Н. И. Вавилов атн. бүткүл союздук коому уюшулган. 1929-жылдан «Селекция и семеноводство» журналы чыгат. АКШ, Мексика, Канада, Швеция, ГФР, ГДР, Венгрия ж. б. өлкөлөрдүн селекционерлери да бир топ ийгиликке жетишүүдө.

Ад.: Серебровский А. С., Селекция животных и растений, М., 1969; Мичурин И. В., Тандалма чыгармалар, Фр., 1960.

СЕЛЕН (Selenium), Se — Менделеевдин мезгилдик системасынын VI тобундагы хим. элемент, ат. н. 34, ат. м. 78, 96, күрөң сымал күңүрт боз зат. Табигый С. 6 изотоптун аралашмасынан турат. Аны Й. Берцелиус ачкан (1817). Жер кыртышында массасы б-ча $5 \cdot 10^{-6}$%, минералдары сейрек жолугат. Бир нече аллотропиялык модификациялары белгилүү. Эрүү t 217°С, кайноо t 685°С, тыгыз. 4,807 $г/см^3$ (20°С). Кычкылтек ж-а галогендер м-н реакцияга кирет. Абада туруктуу, суу, туз ж-а суюлтылган күкүрт к-тасы таасир этпейт. Концентрацияланган азот к-тасы ж-а падыша арагында эрийт. С. металлдар м-н селениддерди пайда кылат. С. целлюлоза-кагаз өндүрүшүнүн таштандыларынан, жез электролиттик тындардан алынат. Негизинен катализатор, жарым өткөргүч катары, резина өндүрүшүндө ж-а металлургияда колдонулат.

СЕЛЕНГА — МЭР ж-а Бурят АССРинин аймагындагы дарыя. Байкал көл-

лүнө куят. Уз. (Идэр суусунун башталышынан) 1024 *км*, СССРдин аймагында 409 *км*, алабынын аянты 447 миң *км*². Башкы куймалары: Эгин-Гол, Орхон (МЭРде), Жида, Чикой, Хилок, Уда (СССРде). Жылдык орт. чыгымы МЭР м-н СССРдин чек арасында 310 *м*³/*сек*, чатынан 127 *км* жогору 935 *м*³/*сек*. Ноябрдан апрелге чейин тоңот. Сухэ-Батор ш-на чейин кеме жүрөт. Боюнда Улан-Удэ ш. жайгашкан.

СЕЛЕНИДДЕР — селен м-н металлдардын хим. бирикмеси. *Сульфиддер* м-н теллуриддерге окшош. С. элементтерди түздөн түз кошуу, металлдарга же алардын кычкылдарына, туздардын эритмелерине H_2Seди кошуу ж. б. жолдор м-н алынат. Мезгилдик системанын IV—VIII тобундагы элементтер, лантаноиддер, актиноиддердин С-и — жог. темп-ада (2000—2500°С) эрүүчү, хим. жактан туруктуу бирикмелер. Алар техниканын түрдүү тармактарында кеңири колдонулат.

СЕЛЕНОГРАФИЯ (гр. selene — Ай ж-а *...графия)* — астр-янын Ай бетин изилдөөчү болүгү. Айды изилдөөдө жаңы методдордун өнүгүшү м-н «С.» терминин *селенология* ж-а *селенодезия* терминдери м-н алмаштырылды.

СЕЛЕНОДЕЗИЯ (гр. selene — Ай ж-а *daio* — бөлөм) — Айдын өлчөмү м-н түспөлүн изилдөөчү ил. тармак. Алар үч багытта жүргүзүлөт. 1) Айдын инерция эллипсоидин изилдөө аның ички түзүлүшү ж-дө талдоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. 2) Оордук күчүнүн деңгээл беттеринин биринин параметрлери аныкталат: Айдын көлөмүнө барабар болгон көлөмдогу деңгээл бет селеноид деп аталат. Инерция эллипсоиди м-н селеноид Айдын динамикалык түспөлүн мүнөздойт. 3) Айдын тышкы бети м-н аныкталуучу түспөлү анализделет; мындай түспөл геом. түспөл делет да, аның параметрлери аэрофото сүрөткө түшүрүү ж-а космос геодезиясында колдонулуучу өлчөөлөрдөй эле өлчөнөт. Айга сов. ж-а амер. «Луна», «Зонд», «Лунар Орбитер» ж-а «Аполлон» космос аппараттарынын учуму Ай бетинде ж-а Айдын айланасындагы мейкиндикте изилдөө жүргүзүүгө жардам берди.

СЕЛЕНОЛОГИЯ (гр. selene — Ай ж-а *...логия)* — Айдын түзүлүшүн, химия-минералогиялык составын изилдөөчү ил. тармак. 20-к-дын орто чениңде Айдын жасалма спутниги ж-а Ай бетине жеткирилген приборлордун жардамы м-н Айды түздөн түз изилдөөдө пайда болгон. Мында астрофиз. методдор м-н бирге геофиз., геохим. методдор да колдонулат. Ай ж-дөгү С-лык изилдөөлөр андагы заттар Жер тобундагы планеталардагы заттарга окшош экендигин көрсөттү. С. методдору — Жер ж-дөгү ил. методдун жалпыланышы ж-а өнүгүшү. Бирок Жер шартынын өзгөчөлүгүнө байланыштуу бул методдорду Айдын шартында бүтүндөй колдонууга болбойт. Мис., жер бетиндеги рельеф негизинде суунун аракети м-н өзгөрсө, Айда суу жок болгондуктан метеорит эрозиясы негизги роль ойнойт.

СЕЛЖУКТАР — түрк-огуздардын бир бутагы (түркмөндөр; адегенде Сыр-Дарыя аймагында жашаган). Жол башчыларынын бири Селжуктун (10-к.— 11-к-дын башы) атынан, к. *Селжуктар мамлекети.*

СЕЛЖУКТАР МАМЛЕКЕТИ — түрк-огуздардын бир бутагынын жол башчысынын атынан (к. *Селжуктар)* аталган мусулман мамлекети. Селжуктар 11-к-дын 30-жылдары *Газневилер* мамлекетинин Хорасандагы жерлерин вассалдыкка айландырып, кийин Газневилерге каршы көтөрүлүшкө чыгып, 1040-ж. Данденаканды жаңында жеңип алган. Селжуктар султан титулун алган (1055) Тогрулбектин (1038—63) башчылыгы м-н 1040—50-ж. Хорезм, Иран, Аверб-н, Курдстан, Иракты, Алп-Арсландын түшүндө (1063—72) Арменияны (1064) каратып, Манцикерттин жаңында Византиянын аскерлерин (1071) талкалаган. 1071 ж-а 1081-жылдардын аралыгында С. м. К. Азия ж. б. аймактарды, Мелик-шахтын түшүндө (1072—92) Грузияны, О. Азиядагы Караханилер мамлекетин каратып, саясий абалын чыңдаган. Огуздардын ж. б. түрк урууларынын ак сөөктөрү күчтүү борбордоштон бийлик орнотууга аракеттенип, бирок С. м-нде феод. бытырандылык башталып, Мелик-шахтын түшүндө борб. бийликке формалдуу баш ийген Керман (1041—1187), Рум (К. Азияда, 1077—1307), Сирия (1094—1117) ж. б. султандыктар түзүлгөн. Биринчи *Крест казаттарынан* кийин селжуктар Палестинадан, кийин Сирия, Грузия ж-а К. Азиянын айрым аймактарынан ажыраган. Мелик-шах өлгөн соң исмаилилер кыймылына байланыштуу феод. чыр-чатактар күрчүп, С. м-нин жерлерин 1118-ж. Мелих-шахтын уулдары бөлүп кеткен. Анда Санжарга Мерв ш. м-н чыгып аймактар, Махмудга Батыш Иран м-н Ирак (Ирак селжук султандыгы, 1118—94) тийген. Санжар (1118—57) өз алдынчалыкка умтулган ири феодалдарга каршы күрөшкөн. Бирок Кидандар мамлекетинен жеңилип, 1141-ж. О. Азиядагы бийлигинен ажыраган; 1153-ж. огуздар аның Мерв, Нишапур, Тус ж. б. ш-ларын чаап алган. Санжардын өлүшү (1157) м-н Хорасандагы «Улуу Селжуктар» бийлигинин күнү бүткөн. Хорасан, Керман ж-а Батыш Ирандын ортосунда отуз жылдык феод. ич ара согуштардан кийин мында хорезм шахтын бийлиги орногон. С. м-нен Конья султандыгы гана сакталып калган.

Ад.: Гусейнов Р. А., Сельджукская военная организация, в кн.: Палестинский сборник, № 17(80), Л., 1967; его же, Из истории отношений Византии с сельджуками, там же, № 23(86), 1971.

СЕЛИГЕР — РСФСРдин Калинин ж-а Новгород обл-тарындагы көл. Валдай дөңсөөсүнүн түн.-батышында, деңиз деңг. 205 *м* бийиктө. Аянты 212 *км*², орт. терең. 5,8 *м*, уз. 100 *км*. Көл куюп ж-а кыска суулар м-н түташкан бир нече жайыктардан турат. С-де 160 арал бар. Ноябрь — декабрда тоңуп, апр.— майда ачылат. С-ге 110 суу куят; ирилери: Черёмуха, Крапивенга, Сороча, Моменга. Көлдөн Селижаровка д. (Волганын куймасы) агып чыгат. Балык кармалат. Жээгинде Осташков ш. жайгашкан.

СЕЛИТРАЛАР — аммонийдин ж-а жегич металлдардын нитраттарынын жалпы аты, к. *Нитраттар.*

СЕЛКИНЧЕК — улуттук оюн. Ал айылдын четинде, токойдун арасына же даректуу жерге арканды 2 жагаша жыгачка же кыйгач оскон даректын бутагына байлоо м-н курулган. Бак-дараксыз жерде С-тин ордуна *алты бакан* тебилген. С. күү м-н шапар тээп, көңүл ачуу үчүн салынган. С-ти кыз-уландар айрыкча жайлоодо жай мезгилинде, күндүз же айлуу түндө тепкен. С. тебүү ыр, бий, шайыр сөз м-н коштолгон. С. тебүү жаш оспурумдорду шамдагай-шайырлыкка көнүктүрүп, денесинин чымыр болушуна өбөлгө түзөт. С. айыл-апада дале тебилет.

СЕЛЛАСИЯ — Байыркы Грециядагы Спарта ш-нын түн. тарабындагы чеп-шаарча. Б. з. ч. 222—221-ж. аның жанында Клеомен III баштаган спарталыктар м-н Антигон III башкарган македон армиясынын салгылашы болуп, анда спарталыктар жеңилген. С. кыйратылып, Лаконика Македониянын (Байыркы) башчылыгы м-н Элдин союзуна киргизилген. Спартада олигархиялык тартип калыбына келтирилген.

СЕЛО, к. *Кыштак.*

«СЕЛОЛУК ЖАҢЫЛЫКТАР» («Сельская новь») — газета, Кырг-н КП Москва райкомунун ж-а Эл депутаттарынын райондук советинин органы. 1934-жылдын майынан орусча ж-а кыргызча (1970-жылдан) жумасына үч жолу чыгат. Тиражы 6750 (1979).

СЕЛ ҮҢКҮР — таш доорунан калган эстелик. Фрунзе р-нундагы Хайдаркен ш. т. посёлкасынын аймагында. 1953—56-ж. археолог А. Пашка көрүп чыккан. Айланасына ө. ж. ишканалары курулуп калгандыктан начар изилденген. Үңкүрдүн ичиндеги тик казылган аңдан болжол м-н неолит мезгилине (б. з. ч. 6—3-миң жылдыктар) таандык таш куралдар табылган. С. Ү. изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн келечектүү.

Ад.: Пашка А., Пещера Сель-Ункур, в сб.: «Вопросы археологии», в. 2, 1960, с. 137—38.

СЕЛЬВИНСКИЙ Илья (Карл) Львович [12(24). 10. 1899, Симферополь — 22. 3. 1968, Москва] — орус совет жазуучусу. 1941-жылдан КПСС мүчөсү. МГУну бүтүргөн (1923). Чыг-ары 1915-жылдан жарыялана баштаган. 20-жылдары конструктивисттер адабий тобун башкарышкан. Туңгуч чыгармасы негизгилери («Улялаевчилик» поэмасы, 1927; «Командарм 2» трагедиясы, 1928 ж. б.) Гражд. согуш ж-до. Чыг-ларынын көбү («Акындын эскермелери» поэмасы, 1927; «Пао-Пао» пьесасы, 1932 ж. б.) поэтикалык эксперимент жасоо, өзгөчө жанр издөө аракети м-н жазылган. 30-жылдары «Рыцарь Иоанн» (1937), «Бабек» (1941) тарыхый трагедияларын жаратkан.

Согуш мезгилинде патриоттук ырлар ж-а «Россия» деген драмалык үчилтик жазган. «Россияда» Ата Мекендин улуулугун, аның тарыхый миссиясын, Лениндин образын, орус адамына таандык мүнөздү чагылдырган. Чыг-ларын көп тилдерге которулган. С. тарабынан кыргыз акындарынын ырлары орусча сүйлөтүлгөн. Беш орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Собр. соч., т. 1—6, М., 1971—74.

Ад.: Резник О., Жизнь в поэзии. Творчество Ильи Сельвинского, 2 изд., М., 1972.

СЕЛЬДДЕР (Clupeidae) — сельдь сымалдар түркүмүндөгү сөөктүү балыктар тукуму. Уз. 35—45 *см*. Океан, деңиздерде 50дөй уруусу, 160 түрү белгилүү. СССРдин Каспий, Кара, Азов, Балтика, Баренц, Ак ж-а Ы. Чыгыш деңиздеринде 20дай түрү жашайт. Көпчүлүк С. деңизде, бир азы өтмө же тузсуз сууда жашайт. Алар калкып жүрүүчү уругун жээкке жакын жерге таштайт. Планктон, кээде майда балыктар м-н азыктанат. С. тобу м-н алыскы аралыкка миграциялайт. Булардын ичинен сардина, тюлькалар, шпроттор, килькалар ж. б-дын чарб. мааниси чоң. С. дүйн. балык уловочулуктун негизин түзөт. Туздалган, шыталган ж-а консервалаган түрдө тамак катары пайдаланылат.

СЕЛЬДЕРЕЙ (Apium) — чатыр гүлдүүлөр тукумундагы бир же көп жылдык өсүмдүк. Жер шарында 20-дай түрү таралган. С. жыттуу, суукка чыдамдуу. С-дин момо тамырлуу, калемчелеме ж-а жалбыраktама түрү бар. Биринчи жылы тамыры же момо тамыры ж-а түп жалбырагы, экинчи жылы сабагы м-н майда ак топ гүлү чыгат. Чополуу күр. ным тоңураkта жакшы өсөт. Гектарынан 200—250 *ц* түшүм алынат. Этилмеси Европа, Азия, Америка, Түн. Африкада; СССРде — РСФСРдин Европа бөлүгүндө, УССР, Балтика боюнда ж-а О. Азияда өстүрүлөт. Жалбырагында аскорбин к-тасы көп, момо тамырында 4,3% кант, о. эле калий, кальций, фосфор тузу бар. С-де витаминдер: тиамин, рибофлавин, никотин к-тасы ж-а эфир майы болот. С. тамак-ашка татымал катары, консерва ж-а фармацевтика ө. ж-нда пайдаланылат.

Ад.: Справочник по овощеводству, Л., 1971.

СЕЛЬСИН (англ. selsyn, англ. self — өзүм ж-а гр. sýnchronos — бир убакта, синхрондуу дегенден) — механизмдин валын аны м-н мех. байланышпаган башка валдын айланышындай синхрондуу же синфазалуу айландырма индукциялык *электр машинасы.* Аткаруучу ши б-ча С.-билдиргич ж-а С.-кабылдагыч болуп бөлүнөт. Ал токшерүү ж-а башкаруу, өзүчүме ж-а аралыктан өлчөө системаларында өлчегүч приборлордун көрсөтүүсүн алыска берүүчү түзүлүш катары кеңири пайдаланылат. С. негизинен жышт. 50—500 *гц* өзгөрмө токтун системасында колдонулат. С. трансформатор ж-а *индикатор* режиминде иштейт.

«СЕЛЬСКАЯ ЖИЗНЬ» — КПСС БКнын газетасы. 1918—31-ж. *«Беднота»* аталып, 1931-ж. «Социалистическое земледелие» газетасы м-н бириккен. 1953—59-ж. «Сельское хозяйство», 1960-жылдан «С. ж.». Москвада жумасына 6 жолу чыгат, СССРдин 40 шаарында матрицадан басылат. «С. ж.» өлкөнүн айыл-кыштактарындагы коомдук, чарб., маданий турмушту, парт. уюмдардын ишин чагылдырат, а. ч-да илимдин жетишкендиктерин, алдыңкы тажрыйбаны ж-а практиканы пропагандалайт, эмгекти ил. уюштуруу, жаратылышты коргоо ж. б. маселелерди көзгөйт. Ленин ордени (1971), Эмгек Кызыл Туу ордени (1964) м-н сыйланган. Тиражы 8 млн (1977).

«СЕЛЬСКАЯ МОЛОДЕЖЬ» — ВЛКСМ БКнын ай сайын чыгуучу иллюстрацияланган адабий-көркөм ж-а коомдук-саясий журналы. Комсомолдун 6-съездинин чечими м-н негизделип (1924), 1925-жылдан Москвада чыгат. 1935-жылга чейин «Журнал крестьянской молодёжи», 1935-ж. августтан «Молодой колхозник», 1962-жылдан «С. м.». Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде чыккан эмес. Журналга элеттеги экон. ж-а социалдык өзгөрүштөр, айыл маселеси, жаш адистердин эмгеги, маданий-агартуу иштер ж. б. материалдар жарыяланат. «Аврора Белгиси» ордени м-н сыйланган (1975). Тиражы 1,1 млн (1978).

«СЕЛЬСКАЯ НОВЬ» — айына чыгуучу массалык ил.-популярдуу журнал; СССР а. ч. мин-восу м-н айыл чарба ж-а даярдоо жумушчулар м-н кызматкерлер профсоюзунун БКсынын органы. Москвада 1966-жылдан «Колос» басмасында «Колхозно-совхозное производство» аттуу ил.-өндүрүштүк журналдын базасында чыгат. Журнал айыл-кыштак калкына арналат. Анда ил.-өндүрүштүк жаңылыктар, кыштак турмушу, а. ч-нын алдыңкы адамдары ж. б. ж-дө макалалар басылат. Эмгек закондору тууралуу консультация берилип турат. 163 миң (1979) нуска.

«СЕЛЬСКОЕ ХОЗЯЙСТВО КИРГИЗИИ», к. *«Кыргызстан айыл чарбасы».*

СЕМАНТИКА (гр. semantikós — белгилөөчү, sema — белги) тил илимин-де — 1) *семиотиканын* бир тармагы; 2) тил илимининн тарыхында *семасиология* м-н бирдей түшүнүк; 3) тил

бирдиктеринин маанини; 4) тил илимин тил бирдиктеринин маанилерин изилдөөчү тармагы — тилдик С.

Тилдик белгилердин (эң алды м-н сөздүн) үч элементинин (белгилөөчү, денотат, белгиленүүчү) бирдиги — тилдик С-ныи изилдөө объектиси. Сырткы форма (тыбыштардын же графикалык белгилердин тизмеги) — белгилөөчү, биринчиден, белгиленген нерсе, көрүнүш — денотат, экинчиден, ал нерсенин, көрүнүштүн адамдын аң-сезиминдеги чагылышы — белгиленүүчү м-н байланышкан. Булардын байланышы маани категориясын — С-ныи негизги уюткусун түзөт.

С. 19-к-дын аяк чениңде Россия (М. М. Покровский) м-н Францияда (М. Бреаль) бир эле учурда пайда болгон. Ал сов. ж-а чет элдик окумуштуулар тарабынан өркүндөтүлгөн. С-ныи түрдүү агымдары бар.

Ад.: Покровский М. М., Избранные работы по языкознанию, М., 1959; Звегинцев В. А., Семасиология, М., 1957; Шмелёв Д. Н., Проблемы семантического анализа лексики, М., 1973; Бенвенист Э., Общая лингвистика, пер. с франц., М., 1974; Апресян Ю. Д., Лексическая семантика. Синонимические средства языка, М., 1974; Степанов Ю. С., Основы общего языкознания, 2 изд., М., 1975.


СЕМАСИОЛОГИЯ (гр. semasia — маани, ой ж-а *...логия)* — тил илимининн тил бирдиктеринин (сөз ж-а сөз тизмектеринин) маанилерин изилдөөчү тармагы. Азыр тил илимиңде С. маселелери *семантикада* изилденет.

СЕМАФОР (фр. sémaphore, гр. sema — белги, сигнал ж-а phorós — көтөрүп туруучу) — сигнал берүүчү түзүлүш. 1) Автоблокировка м-н жабдылбаган темир жолдогу С.— поездге жолдун ачык-жабыктыгы ж-дө сигнал берүү күймылдуу капаттар орнотулган мачта. Капаттарынын ар кандай үч абалы поезддин өтүшүн, токтошун же илдамдыгын өзгөртүшүн талап кылып, машинистке сигнал берет. Түнкүсүн ж-а аба ырайы өзгөргөндө кошумча жарык сигналы м-н жабдылат. 2) Деңиз (суу) С-у — жээкке орнотулуп, белги салынган шырлайлуу мачта. Ал күндүз ж-а түнкүсүн кемелердин жүрүшүнө ж-а токтошуна сигнал берет.

СЕМАШКО Николай Александрович [8(20). 9. 1874, Орёл губ., Елецк у., Ливенский кыш.— 18. 5. 1949, Москва] — сов. мамлекеттик ж-а парт. ишмер, саламаттык сактоону уюштуруучулардын бири, СССР МИАнын (1944) ж-а РСФСР ПИАнын (1945) акад. 1891-ж. Москва ун-тинин мед. ф-тетине кирген. 1893-жылдан маркстик кружоктун мүчөсү. Рев-ялык ишмердиги үчүн 1895-ж. камакка алынып, айдалган. 1901-ж. Казан ун-тинин мед. ф-тетин бүтүргөн. 1904-жылдан РСДРПнин Нижегород комитетинде иштеп, дагы камакка алынат. Швейцарияга эмиграцияга кетип (1906), Женевада В. И. Ленинге жолукқан. 1908-ж. Парижге которулуп,



Н. А. Семашко.



А. Я. Семенистова.

РСДРП БКнын Чет элдик бюросунун секретары болуп иштеген. Россияга 1917-ж. кайткан. Улуу Окт. соц. рев-ясынан кийин Моссоветтин мед.-санитариялык болумун башкарган. С.— РСФСРдин саламаттык сактоо б-ча эл комиссары (1918—30), Чоң медицина энциклопедиясынын башкы редактору (1927—36), 1947-жылдан өмүрүнүн акырына чейин СССР МИАнын Саламаттык сактоону уюштуруу ж-а медицина тарыхы ин-тунун (азыркы Н. А. Семашко атн.) директору. Анын жетекчилиги м-н *эпидемияга* каршы күрөш ийгиликтүү жүргүзүлүп, саламаттыкты сактоонун негизи, элдик м-н балалыкты коргоо, балдардын ж-а өспүрүмдөрдүн ден соолугун чыңдоо системалары ж. б. түзүлгөн. Ленин, Эмгек Кызыл Туу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Избр. произв., 2 изд., М., 1967.

Ад.: Чачко М. И., Повесть о всенародном комиссаре, М., 1972; Петров Б. Д., Потулов Б. М., Н. А. Семашко, М., 1974.

СЕМЕЙ, Семипалатинск — шаар, Казак ССРиндеги Семей (Семипалатинск) обл-ныи борбору. Иртыш д-ныи өйүз-бүйүзүндө. Пристань, т. ж. станциясы. Калкы 283 миң (1979). С.— жеңил (бут кийим, камвол-нооту, жүн иштетүүчү, трикотаж, кийим тигүү ж. б. ф-калар) ж-а тамак-аш (эт-консерва, сүт з-ду, арак-шарап комбинаты ж. б.) о. ж-ныи ири борбору. Арматура, кабель, кеме ондоочу, курулуш материалдарын даярдоочу з-ддор иштейт. Зоотех.-ветеринария, мед. ж-а пед. ин-ттар, 14 атайын орто окуу жай, 2 драма театр, край таануу музейи ж. б. бар. С. 1718-ж. чеп катары негизделген.

СЕМЕЙКО Николай Илларионович (25. 3. 1923, азыркы Донецк обл., Славянск ш.— 20. 4. 1945, Чыгыш Пруссия) — эки жолу Сов. Союз. Баатыры (19. 4. 1945; өлгөн соң 29. 6. 1945), аскер учкуч-штурманы, капитан (1945). 1943-жылдан КПСС мүчөсү. 1942-ж. учкучтардын Ворошиловград аскер-авиация мектебин ж-а начальниктик составдын билимин оркүндөтүү курсун бүткөн. Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) 4-Украин, 3-Белорус фронтторуңда салгылашып, учкучтан эскадрильяның командирлигине чейин жеткен. 227 согуштук учуш жасаган. Салгылашта курман болгон. Ленин ордени, 4 Кызыл Туу, 3-дараж. Богдан Хмельницкий, Александр Невский, 1-дараж. Ата Мекендик Согуш ордендери м-н сыйланган.

СЕМЕЙ ОБЛАСТЫ, Семипалатинский области Казак ССРинде. 1939-ж. 14-октябрда уюшулган. Аянты 179,6 миң км². Калкы 770 миң (1979). 13 район, 3 шаар, 12 ш. т. посёлка бар. Борбору — Семей ш. Область Ленин ордени м-н сыйланган (1967).

С. о. респ-канын чыгышында жайгашкан. Аймагынын көп бөлүгүн *Казак Сары-Арка*сы ээлейт. Сары-Арканын борб. бөлүгүндө Чыңгыз-Тоо (бийикт. 1100—1300 *м*), түш.-чыгышында Калба тоолору (1608 *м*ге чейин), батышында Зайсан чуңкурдугу (азыр Бухтарма суу сактагычынын бир бөлүгү), түндүгүндө Иртыш бою түздүгү (бийикт. 200—300 *м*) жатат. Климаты кескин континенттик. Январдын орт. темп-расы —12,8°... —16,9°С, июлдуку 20,3—23,8°С. Жылдык жаан-чачын 155—300 *мм*. Негизги дарыясы — Иртыш (областтын аймагында уз. 223 *км;* куймалары: Көкпекты, Чар, Кызыл-Суу, Мукыр, Шаган). Түштүгүндө Баканас, Аякоз, Каракол, Уржар, Эмел д-лары бар. Ири көлдөрү: Зайсан, Сасык-Көл, Ала-Көл ж. б. Өсүмдүктөрү негизинен талаа ж-а жарым чөл зоналарына мүнөздүү.

Калкынын көбү казак (43,5%, 1970), орус (40%), о. эле немец, украин, татар ж. б. улуттар да жашайт. Орт. жышт. 1 км² жерге 4,2 киши. Шаар калкы 48%.

Чарбасынын башкы тармагы — этжүн багытындагы мал чарба ж-а кайрак дан эгиндүү дыйканчылык. Ө. ж-нын негизги тармактары: тамак-аш (эт-консерва, май, ун, эт, сыр, сүт, аралаш тоют даярдоочу) ж-а жеңил (жүн иштетүү, трикотаж, тери, бут кийим, кийим тигүү), о. эле машина куруу, металл иштетүү ж-а курулуш индустрия (арматура, цемент, а. ч. машиналарын ж-а кеме ремонттоочу ж. б. з-ддору) о. ж. ишканалары бар. О. ж. ишканаларынын көбү Семей, айрымдары Аякоз ш-нда. А. ч. продукциясынын 80%ин мал чарбасы, 20%ин дыйканчылык берет. А. ч-га жарактуу жериниң (16 млн *га*, 1979) 83% жайыт. Айдоо аянты 1808,3 миң *га*, анын 1305,8 миңи дан эгиндери (жаздык буудай, о. эле таруу, сулу ж-а тоют өсүмдүктөру), 29,7 миңи тех. өсүмдүктөр (күн карама), 22,7 миңи жашылча, картошка. 1979-ж. 3417 миң кой-эчки, 392,5 миң уй (сааны 190,8 миң), 169,9 миң чочко, 90,6 миң жылкы болгон. Иртыш, Зайсан ж-а Ала-Көлдөн балык кармалат. Автомобиль жолунун уз. 7764 км, т. ж. 754 км (1978). Иртыш д-нан кеме жүрөт. 1978—79-окуу жылында 460 мектеп, 24 кесиптчилик, 15 атайын орто, 3 жог. (зоотех.-ветеринария, мед., пед.) окуу жайлары болгон. 517 китепкана, 522 клуб, 497 киноустановка, 3 музей, 2 театр, филармония бар. 1979-ж. 8,9 миң орундуу 103 ооруканада 2,1 миң врач иштеген. Барлык-Арасан бальнеологиялык курорту, 6 санаторий, эс алуу үйү бар. Обл. «Семей таңы» (1919-жылдан), «Иртыш» (1918) газеталары чыгат.

Ад.: Семипалатинская область (Экономико-географическая характеристика), А.-А., 1961; Казахстан, М., 1970 (серия «Советский Союз»).

СЕМЕНИСТОВА Анна Яковлевна (1907-ж. т., Кыргыз ССРи, Аламүдүн р-ну, Лебединовка кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1948), 1930-жылдан Күйбышев атн. к-здо кызылча өстүрүүчү звеного башчы болуп иштеген. 1947-ж. 2,2 *га* аянттан гектарынан 814 ц кызылча алган. Кыргыз ССР Жог. Советинин (3-шайл.) депутаты. Ленин ордени, «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

СЕМЕСТР (лат. semestris — алты айлык, sex — алты, mensis — ай дегенден) — жог. ж-а атайын орто окуу жайларда окуу жылынын жарымы. С-де 16—18 окуу жумасы бар. Окуу расписаниеси С-ге карата түзүлөт. С. экзамендик сессия м-н аяктайт. С. арасында каникул берилет. Көэ бир чет олколөрдө (мис., Улуу Британия, АКШ) окуу жылын триместрге болүү (ар бири 10—12 жумадан) кабыл алынган.

СЕМЕТ — Ош обл-ныи Жаңы-Жол р-нүндагы Көш-Дөбө айыл советине караштуу кыштак. Ульянов атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Каравандан 23 *км* түн.-чыгыш тарапта. Шамалды-Сай т. ж. станциясынан 52 *км*. Калкы 1225 (1979). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

«СЕМЕТЕЙ» — *«Манастын»* экинчи бөлүгү; айрым окуялардын чиеленишин ж-а образдардын чечилишин жагынан «Манасты» түздөн түз улап, толуктап турган чыгарма. *Салкбай* Каралаев, *Шапак* Рысмендеев, *Молдобасан* Мусулманкулов ж. б. манасчы-семетейчилерден жазылып алынган 10дон ашык варианты бар. Ал варианттардын көбү миңдеген ыр сабынан турат. Варианттардын негизгилеринин ж-а «С-дин» кыскарта бириктирилген вариантынын мазмуну б-ча «С-де» «Манастын» каармандарынын трагедиялуу абалда калышына себепчи болгон Көкүрбай кулоо, кыйроо процессинде көрсөтүлөт. «С.» эки темаңы: Мекен үчүн ички ж-а сырткы душмандарга каршы күрөш темасы м-н турмуштук-лирикалык мамилелер темасын камтыйт.

«С-де» Мекен ж-догу түшүнүк Талас өрөөнүнө байланыштырылып, аймактык көз карашта берилген: ошо Таластай мейкин ж-а берекелүү жерге Манас баатырдын жары Каныкей, эненси Чыйырды батпай, Семетейди койнуна катып, Букарга качып кетүүгө аргасыз болот. Алардын эл-жер м-н коштошкону оозеки поэзиядагы арман ырларынын формасы м-н кайгылуу сүрөттөлгөн.

Оз эл-жери ж-догу кабарды уккандан баштап Семетей элине кетсем деп эңсейт. Манас олгондон кийин Абыке, Көбөштөр тарабынан жабыркаган эл Семетей чоююн, элге келсе, элин башкарып, жолок болсо деген үмүт м-н жашайт. Семетей элине келгенде чоң атасы Жакып кымызга уу чылап берип небересин олтүрмөк болот. Семетей Жакыпты душманым деп эсептебейт, кайра аны бел тутсам деп самайт. Чыккынчылык иштерди Семетей жакын туугандары Абыке, Көбөштөрдөн да көрөт. Алар бийликке зордук м-н жетишсе да андан ажырагысы келишпей, Семетейдин күч-кубатын кетирип, элдин ырын бузуу максатында Манастан калган чоролорду Семетейге каршы тукурушат.

Жакып, Абыке, Көбөш сыяктуу терс каармандардын образдарына Семетейдин жаркын образы каршы коюлат. Семетей — ар кандай майда талаш-тартыштан алыс, пас ыкирден озун жогору койгон, элдин тагдыры ж-до терең ойлогон, патриот, көң пейил, намыскөй баатыр. Эч себепсиз ботон элди чаап алуу сыяктуу агрессиячыл көрүнүш Семетейдин духуна жат. Анын Көкүрбайга каршы аттанышы эки түрдүү мотивировкаланган: алыста жаткан душман Көкүрбай капилеттен кол салбасын деген тактикалык максат ж-а байыркы мезгилде табигый салтка айланган ата-бабанын өчүн алуу маселеси.

«С-де» Ата журттун коопсуздугу үчүн күрөшүү темасына жардамчы сюжеттик линия претинде казат темасы кошумчаланган. Бирок мындагы казат «Манастагыдай» коломдүү эмес: Көкүрбайга каршы казаттан башка согуш жокко эсе. Энсто Алмамбеттин уулу Күлчоро, Бакай карыя эл өкүлдөрүнүн образы катары берилген.

Көкүрбай — кыргыз элин коркутуп, өч алып, багынтууга аракет кылган агрессор. «С.» б-ча өзүнө каршы камынган жоонун канкордугун, зулумдугун эл ач карышкыр, жырткыч айбанга салыштырып көрсөтөт. Ошондой болсо да «С-де» эки элдин баатырларына калыс, чындыкка ылайык баа берилген. «С-деги» окуялар феод. түзүлүш учурунда уруулар арасындагы ар кандай уруучулук-феод. мамилелерди чагылтып, аның айрым изин сактаган. Семетейди жолдон чыгарып, өлүмгө дуушар кылган Үмөтой, Кыяс, Канчоролордун көрөнөрүн өз уруусунун мүдөөсү үчүн болуп турган майда уруу согуштарынын айрым көрүнүшү дешке негиз бар.

Энсстун акырында Семетей каза болот. Бирок элдик оозеки чыг-лардагы эл сүйгөн баатырын өлүмгө кыйгысы келбеген салт б-ча катуу кыргын мезгилинде Семетейдин сөөгү «кайып» болуп кетет. Бул окуя эл башына түшкөн оор кайгынын бирине айланат. Семетейдин Кумайыгы улуп, Акшумкары байлоого токтобой, «мүрүсүн жерге каккылап, канатын жерге чапкылап» «аза» күтөт. Муну м-н энсто баатырдын көрөшү элге дем берип, патриоттук демилгесин козгоп, дайыма элдин жүрөгүндө өлбөй жашайт деген оптимисттик бийик идея данаазаланган.

«С.» эпосунун экинчи сюжеттик өзөгүн лирикалык тема ээлейт. Семетей али төрөлө электе эле Акун кан м-н Манас бел куда болушат. Көп отпой Манас балалуу, Акун кан кыздуу болуп, баланын аты Семетей, кыздын аты Айчүрөк коюлат. Семетей м-н Айчүрөк ушул бел кудалык салт б-ча эле эмес, өз алдынча көрүшүп, бирин бири жактырганы, сүйүшкөнү үчүн үйлөнүшкөн. Семетей м-н Айчүрөктүн сүйүү мамилелери энсто Чыңкожолордун Семетейге каршы күрөш ачкан мезгилинен тартып көрсөтүлөт. Семетейдин жары болгондон тартып, Айчүрөк Семетейдин жоого чыкса — жолдошу, үйдө болсо — кеңешчиси, элин күтүп алчу билерманы, кезегинде жароокер назик жары, кезегинде эр көкүрөк баатыр курбалы болуп чыга келет. Айчүроктүн образы аркылуу тең укуктуулук каада-салттар ж-а ат чабыш, эр сайыш, күрөш, эшиш окшогон улуттук спорт оюндары тууралуу баяндар да кеңири орун алган; оозеки поэзиядагы жоктоо, керээз, арман, кошок, коштошуу, макал-ылакап сыяктуу майда жанр, формалар кеңен орун алып, көркомдук каражаттар, идея-тематикалык мазмунуна шайкеш колдонулат; окуялар түрдүү ыкмада баяндалат: жайынча айтып отүү, бир нече кишинин пикир алышуусу, б. а. драмалык ык; каармандардын тагдырын жомокко тете, мемуардык формада эске салуу ж. б. Жыйынтыктап айтканда, «С.» кыргыз элинин нечен кылымды ичине камтыган тарыхый, социалдык турмушун, улуттук үрп-адатын, прогрессчил ойтилегин, патриоттук күрөшүн, адам ж-а анын махабат эркиндиги ж-догу эңсөөсүн, далалатын, фантазиялык ойлорун көркөм сүрөттөгөн элдик чыг-лыктын бийик туундуларынан. Ошондуктан ал эл арасына кеңири



В. Г. Рогачев, А. Л. Шубин. «Семетей» эпосуна фронтиспис ж-а титул. 1959.

тараган. Варианттары Кыргыз ССР ИАнын Тил, ад-т ин-тунун кол жазмалар фондусунда сакталуу. Алардын айрымы үзүндү түрүндө ж-а кыскарта түзүлгөн бир варианты жарык көргөн. «С-дин» сюжеттик мотивдеринин негизинде Ж. Бөкомбаев, Ж. Турусбеков, К. Маликов-дор *«Айчүрөк»* операсынын либреттосун (1937) жазышкан.

Текст: Семетей. Манас эпосунун экинчи бөлүгү, Фр., 1959.

Ад.: Керимжанова Б., Семетей и Сейтек, Фр., 1961; Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки, Фр., 1973, 333—61-б.



Н. Н. Семёнов.

СЕМЕНОВ Николай Николаевич [3(15). 4. 1896-ж. т., Саратов] — сов. физик ж-а физ.-химик, СССР ИАнын акад. (1932; корр. мүчө, 1929), коомдук ишмер, Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1947-жылдан КПСС мүчөсү. Петроград ун-тин бүтүргөн (1917). 1920—31-ж. Ленинград физ.-тех. ин-тунда иштеген; 1931-жылдан СССР ИАнын Хим. физика ин-тунун директору. Ленинград политех. ин-тунун (1928) ж-а МГУнун (1944) проф. 1957—63-ж. СССР ИАнын хим. бөлүмүнө акад.-секретарь. 1963—71-ж. СССР ИАнын вице-президенти. С-дун эмгектери мол. физика ж-а электрон кубулуштарына арналган. Газ аралашмаларынын жылуулуктан жарылуу теориясын, тармакташкан *уланма реакция* ж-а жалындоо (жарылуу) кубулушун ачып, кең татаал уланма процесстин механизмин аныктаган. О. эле катализдин жаңы табын тапкан. Күйүү теориясы, хим. кинетика ж-а хим. физика б-ча бир топ адистерди даярдаган. С.— айрым чет өлкөлөрдүн академиясына мүчө. СССР Жог. Советинин (5—7-шайл.) депутаты. СССР мамл. сыйл. (1941, 1949) ж-а Нобель сыйл. (1956) лауреаты. Жети Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Эмг.: О некоторых проблемах химической кинетики и реакционной способности, 2 изд., М., 1958; Наука и общество, М., 1973.

СЕМЕНОВКА, Он-Жети-Карагай — Ысык-Көл обл-ныи Ысык-Көл р-нундагы Семёновка айыл советине караштуу кыштак. Кичи Ак-Суу суусунун сол жээгинде жайгашкан. Калинин атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Чолпон-Ата ш-нан 40 км чыгыш тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 120 км. Калкы 2634 (1979). Орто мектеп, мад-т үйү, китепкана, фельдшер-акушердик пункт бар. Улуу Ата Мек. согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

СЕМЕНОВ МОҢГУСУ *Борбордук Тянь-Шанда*, Сары-Жаз кырка тоосунун түн. капталында. Уз. 21 км, туурасы 1,3—1,6 км. Жалпы аянты 74,6 км².



П. П. Семёнов-Тян-Шанский.

Кар чегинин орт. бийик. 4200 *м*; тескейинде 3900 *м*, күнгөйүндө 4350 *м*. Моңгүнүн башы 5816 *м* (Семёнов чокусу), этеги 3430 *м* бийикте жатат. Азыркы мезгилде этеги ж-а үстүңкү бети эриш, артка чегинүүдө. 20-к-дын башталышы н а н 1700 *м*ге чегинип, аянты 2,33 км²ге кичирейген. 1943—60-ж. эң тез чегинүүсү байкалып, бир жылда 75 *м*ге жеткен. Моңгүдөн Сары-Жаз суусу башталат. Аты П. П. *Семёнов-Тян-Шанскийдин* урматына коюлган.

СЕМЁНОВ ПОЛКУНУН КӨТӨРҮЛҮШҮ — 1820-ж. октябрда Петербургда лейб-гвардия Семёнов полкундагы солдаттардын каталга аскер тартибине каршы чыгышы. Көтөрүлүш ырайымсыз басылган. С. п. к. падыша армиясындагы ири каршы чыгуулардын алгачкыларынан болгон.

Ад.: Федоров В. А., Солдатское движение в годы декабристов (1816—1825 гг.), М., 1963.

СЕМЁНОВ-ТЯН-ШАНСКИЙ (1906-жылга чейин — Семёнов) Пётр Петрович [2(14). 1. 1827, Урусов кыш-на жакын, азыркы Липецкий обл., Чаплыгин р-ну — 26. 2(11. 3). 1914, Петербург] — орус географы, статистик, коомдук ишмер, Петербург ИАнын ардактуу мүчөсү (1873). Орус геогр. коомунун вице-пред-ли (1873—1914). Мамл. советтин мүчөсү (1897). Ак сөөк үй-бүлөдөн. Петербург ун-тинин табият таануу бөлүмүн бүткөн (1848), 1849-жылдан Чыгыш Европа (Орус) түздүгүн изилдеп, Геогр. коомдо иштей баштаган. 1856—57-ж. Тянь-Шанга саякат жасап, Ысык-Көлдүн туюк көл экендигин, Тянь-Шандын жанар тоолордон тұзаңбөгөндүгүн далилдеп, аның орографиялык схемасын түзгөн. Иле Ала-Тоосунун ландшафттарынын бийиктикке жараша өзгөрүшүн, Сары-Жаз суусунун башындагы ири моңгулөрдү изилдеген (Тянь-Шандын ил. изилдөөсүнүн 50 жылдыгына байланыштуу аның фамилиясына «Тянь-Шанский» деген ардактуу кошумча ат киргизилген). 1856—60-ж. дыйкандар реформасын (1861) даярдоо б-ча Редакциялык комиссиянын ишине катышкан. 1864—74-ж. Борб. статистика комитетин, 1874—97-ж. Статистика советин башкарган. Орто ж-а Борб. Азияга, Сибирь, Ы. Чыгыш, Жаңы Гвинея ж. б. жерлерге орус экспедицияларын уюштурган. С.-Т.-Ш-дин ысмы м-н Орто ж-а Борб. Азияда, Кавказда, Аляскада, Шпицбергенде бир катар геогр. объектилер аталган. СССР геогр. коому С.-Т.-Ш. атн. алтын медалды чыгарган.

Чыг.: Мемуары, т. 1, 3—4, П., 1915—1917, т. 2, перенад. под назв. Путешествие в Тянь-Шань, М., 1958.

Ад.: Памяти П. П. Семенова-Тян-Шанского, сб., П., 1914; Петр Петрович Семенов-Тян-Шанский. Его жизнь и деятельность, Сб., Л., 1928; Черняевский В. И., П. П. Семенов-Тян-Шанский и его труды по географии, М., 1955; Байгуттиев С. Ысмы биз үчүн кымбат киши, к-пте: Боордош Россия — тең жарган аламыбыз, Фр., 1965, 38—40-б.; П. П. Семенов-Тян-Шанский. Библиогр. эскерткич, Фр., 1969.

СЕМИЗ-БЕЛ — Нарын обл-нын Кочкор р-нундагы Семиз-Бел айыл советине караштуу кыштак. «Кочкор» с-зунун аймагында. Райондун борбору Кочкордон 13 *км* чыгыш тарапта. Рыбачье — Нарын автомобиль жолунун боюнда. Рыбачье т. ж. станциясынан 43 *км*. Калкы 813 (1979). Сегиз жылдык мектеп, клуб, медпункт бар. 1931-ж. орношкон.

СЕМИЗ-БЕЛ ӨРӨӨНҮ Кочкор өрөөнүнүн чыгышында, Кара-Тоо (2655 *м*) ж-а Үкөк (4502 *м*) тоолорунун ортосунда кеңдик багытта жайгашкан. Кочкор р-нунда. Өрөөндүн жог. бөлүгү Айгыр-Жал, төменкү бөлүгү Сары-Чат аталат. Таманы деңиз деңг. 1900—2300 *м* бийикте. Рельефи түзөц. Уз. 13—15 *км*, туурасы 6—7 *км*. Кара-Тоонун өрөөнгө караган капталы жантайыңкы. Үкөк тоосунуку тик ж-а этегинде шилендилер жатат. Өрөөн антропогенде пайда болгон аллювий, пролювий ж-а морена борпоң тектеринен турат. Климаты континенттик, июлдун орт. темп-расы 16—20°С, январдыкы —9,9°С. Жылдык жаан-чачыны 200 *мм*. Өрөөн аркылуу Үкөк суусу агып, Семиз-Белге кошулат (Чүйдүн алабы). Жер астындагы суугa бай. Боз, ачык күрөң, күрөң, кара көң топуraктуу. Жарым чөл, талаа, шалбаа (тоо капталдарында), күнгөйүнө кургак ксерофиттүү осүмдүктөр мүнөздүү. Айбанаттары: карышкыр, түлкү, суур, коён, кашкулак ж. б. Кышкы жайыт катары пайдаланылат. Өрөөндө Кара-Саз, Майчагыр, Кара-Күнгөй, Электр кыш. жайгашкан.

СЕМИЗ-КОЛ — Ош обл-нын Өзгөн р-нундагы Ак-Жар айыл советине караштуу кыштак. «Алга» с-зунун аймагында. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 25 *км* түн.-чыгыш тарапта, Кара-Суу т. ж. станциясынан 75 *км*. Калкы 465 (1979). Башталгыч мектеп бар.

СЕМИКАРБАЗИД, карбамин кислотасынын гидразиди, $H_2N—NH—CO—NH_2$ — түссүз кристаллдар, эрүү t 96°С (ажыроо м-н), суу м-н спиртте эрийт. Хим. касиети гидразинге окшош. Калыбына келтиргич касиетке ээ. С. бир кислоталуу негиз тондор ж-а альдегиддер м-н семикарбазондорду пайда кылат. С. калий цианаты м-н гидразинди конденсациялоо ж. б. жолдор м-н алынат. Альдегиддер м-н кетондорду бөлүүдө, гетероциклдүү бирикмелерди алууда ж. б. колдонулат.

СЕМИНАР — окутуучунун жетекчилиги м-н даярдалган билдирүүнү (сообщение), докладды, рефератты талкуулай турган окуу-практикалык иштин бир түрү. С-дын үч түрү бар: 1) белгилүү бир системалык курс б-ча; 2) аның айрым маанилүү темалары б-ча; 3) лекцияга байланышпаган, изилдөө мүнөзүндөгү С. (спецсеминар). С-да студенттер марксчыл-ленинчил методологияны өздөштүрөт, ил. изилдөө жүргүзүү ыкмаларын үйрөнөт.

СЕМИНАРИЯ (лат. seminarium — мектеп) — атайын орто окуу жайларынын бир түрү. Христианчылыктын диний орто окуу жайлары да С. аталган. Рев-яга чейинки Россияда ж-а көэ бир мамлекеттерде башталгыч мектептердин мугалимдерин даярдоочу пед. окуу жайы.

СЕМИОЛОГИЯ — белги системаларының жалпы касиеттери ж-дөгү илим, к. *Семиотика*.

СЕМИОТИКА, семиология (гр. sēmêion — белги дегенден) — белги ж-а белгилер системасына (кадимки ж-а жасалма тилдер) мүнөздүү касиеттерди изилдөөчү илим. С-лык изилдөө иштери синтактикалык (белгилер системасынын ички касиеттери), семантикалык (белгилердин маани жагы), прагматикалык (белги м-н аны кабыл алуучу субъектинин ортосундагы байланыш) деген үч негизги аспект б-ча ишке ашат. Синтактикалык ж-а семантикалык аспектилер С-ның айрым маселелерин гана, прагматикалыгы С-га тиешелүү бардык маселеин изилдейт.

Ар кандай объект белгилүү жагдайда башка объект ж-дө кабар берсе (б. а. мааниге ээ болсо), белги деп аталат. Белги белгилөөчү м-н белгиленүүчүнүн ажырагыс биримдигинен турат. Ушул мааниде тил, миф, ритуал, иск-во ж. б. маданий кубулуштар белгилер системасы катары каралат.

Бул аспектилер өз ара диалек. байланышта. С. изилдении жаткан кубулуштун табиятын толук көрсөтө албайт, бирок аның структуралык маанилүү касиеттерин ачат. Семиотиканын жетишкендиктери гуманитардык илимдерде, медицинада, о. эле жасалма тилдерди (программалоо тили, документтерди индекстөө тили ж. б.) түзүүдө, бир тилден экинчиге машина м-н которууда колдонулат.

Кырг-нда философтор (А. А. Брудный, Э. Ж. Шүкүров ж. б.) С-ның айрым колдоомо маселелерин изилдешет.

Лингвистикалык С. белгилер системасынын эң маанилүүсү — табигый тилди изилдейт (к. *Семантика*). Лингв. С. франц. (Э. Бенвеннст, Л. Прието), польшалык (Е. Курилович, Е. Пельца), сов. (В. В. Мартынов, Ю. С. Степанов ж. б.) окумуштуулар тарабынан иштелген. Нарративдик С-да көбүнчө көркөм, укуктук; публ., диний тексттер ж-а живопись, кино, арх-ра чыг-ларын изилденет. Бул багытта изилдөө жүргүзгөн көрүнүктүү окумуштуулар: Ю. М. Лотман (СССР), У. Эко (Италия), Р. Барт, Ю. Кристевой, Ц. Тодоров (Франция) ж. б.

Алгач ирет С-лык изилдөөнүн кеңири программасы Ч. С. Пирс, Ч. У. Морристин эмгектеринде пайда болуп, өз алдынча ил. тармак катары жасалма формалдык тилдердин проблематикасына байланыштуу калыптанган.

Ад.: Соссюр Ф. де, Курс общей лингвистики, пер. с франц., М., 1977; Труды по знаковым системам, «Ученые записки Тартуского Гос. ун-та», 1964, в. 1 (и последующие выпуски); Иванов В. В., Топоров В. Н., Славянские языковые моделирующие семиотические системы, М., 1965; Степанов Ю. С., Семиотика, М., 1971; Клыков Ю. И., Семиотические основы ситуационного управления, М., 1974; Шрейдер Ю. А., Логика знаковых систем, М., 1974.

СЕМИОТИКА медицинада, симптоматология — оорунун белгилери ж-дөгү илим. Ал жалпы ж-а жеке болуп бөлүнөт. Жалпы С. оорулуунун мүнөздөмөсүнө тиешелүү белгилерди (мис., жыпысын, кесибин, ооруган ооруларын, лабор-ялык анализдердин диагностикалык маанисин) аныктайт. Конкреттүү оорунун белгилерин, алардын пайда болуу механизмин ж. б-ны жеке С. изилдейт. С. *диагностиканын* негизги бөлүгү.

СЕМПРУУ — денеде майдын ашыкча топтолушу. Ага аз кыймылдоо, ашкере тамактануу, гипофиздин, калкан, жыныс бездеринин функцияларынын бузулушу ж. б. түрткү болот. С-де май ж-а углевод алмашуу бузулуп, углеводдордун майга айланышы күчөйт. Май тери астындагы клетчаткага, жүрөк ж-а бөйрөк кабына артыкбаш чогулуп, киши тез толуп кетет. Жүрөктүн иштеши начарлайт, зат алмашуу бузулгандыктан организм *атеросклероз*, кант *диабетине*, *гипертония оорусуна* ж. б-га оной чалдыгып, эрте карыйт. 20-к-дагы ил. тех. прогресс, өндүрүш ж-а турмуш тиричилик процесстерин автоматташтыруу ж-а механикалаштыруунун натыйжасында киши-нин аз кыймылдашы С-ның көбөйүшүнө таасир этти. С-дө өмүрдүн узактыгы 5—10 жылга кыскарат. Дарылоодо *ооруга ылайык тамактануу*, көп кыймыл-аракет жасоо зарыл.

Ад.: Егоров М. И., Ожирение, в кн.: Многотомное руководство по внутренним болезням, под ред. Е. М., Тареева, т. 8, М., 1965; Предиабет и ожирение, М., 1973.

СЕМИТОЛОГИЯ — семит тил тобуплагы элдердин тили, ад-ты, мад-ты ж-а тарыхы ж-дөгү илим. «С.» термини көбүнчө тил илимине колдонулат. С. өлүү ж-а азыркы жандуу тилдерди изилдөөчү дисциплиналарды (ассирия тааную, араб тааную, библия тааную, арамей тааную, угар тааную, эфиоп тааную ж. б-ны) камтыйт. Семит тилдеринин грамматикасы византиялык грамматикачылардын таасири м-н Сирияда, арабдарда ж-а еврейлерде (сириялык грамматикачы Яков Эдесский, 7-к.; араб Сибавейхи, Халиль, 8-к. ж. б.) диний китептерди түшүнүү ж-а тактап окуу максатында пайда болгон. *Семит тилдерин* изилдөө Европада гуманизм, реформация, контрреформация доорунда башталган. 19-к-да С. салыштырма ж-а жалпы тил илимининн өнүгүшү м-н кеңейип, ал б-ча грамматика, создук, тарыхый обзор ж. б. чыккан. 20-к-да С. кафедрасы дүйнөнүн бардык ун-ттеринде ачылган. Улуу Окт. соц. рев-ясынан кийин С-ның өнүгүшүнө Ленинград ун-тинин С. кафедрасы, СССР ИАнын Чыгыш таануу ин-тунун Ленинград бөлүмү зор салым көшкөн: И. Ю. Крачковский ж-а аның мектеби (араб таануу, сабей таануу, эфиоп таануу), И. В. Юшманов (семит-хамит лингвистикасы), И. Н. Винников (араб таануу, арамей таануу) ж. б. С. Москвада, о. эле Белоруссия, Грузия ж. б. респ-каларда өнүгүүдө.

СЕМИТТЕР — немец окумуштуулары А. Л. Шлёцер м-н И. Г. Эйхгорн 18-к-дын 80-жылдарында илимге киргизген термин. Тилдин өзгөчө тобуна кирген, мад-ты, үрп-адат ж-а турмуш-тиричилиги, отурукташкан жерлерининн жалпылыгы ж-а окшоштугу м-н мүнөздөлгөн байыркы элдердин тобу. С-дин качан пайда болгондугу азыр тактала элек. Бир топ окумуштуулардын ойлору б-ча б. з. ч. 4-к-дын аягы — 3-к-дын башында С. (тили б-ча) эки топко (чыгыш ж-а батыш) бөлүнгөн. Чыгыш тобундагы С. (Тигр ж-а Евфрат дарыяларынын аймагында жайгашкан) аккад тилинде сүйлөшкөн. Бул топтогу С-дин тагдыры Аккад, Вавилония ж-а Ассирия мамлекеттеринин тарыхы м-н байланышкан. Батыш тобундагы С. өз ара эки топко (түн.-батыш, түш.-семит) бөлүнөт. Биринчи топтогуларга (Палестинада, Тин. Месопотамияда жайгашкан) аморит, ханаан, еврей, арамей ж. б. Экинчи топтогуларга (Аравия ж. а-нда жайгашкан) мани, сабе, карабан, хадрамауттар кирген. Семит тилиндеги элдерге азыр арабдар, мальталыктар, еврейлер. Эфиопиянын көэ бир элдери (амхара, тигре) кирет.

СЕМИТ ТИЛДЕРИ — африка-азия же семит-хамит тил уясынын бир бутагы. Бул бутактагы тилдер көбүнчө Ирак, Египет, Сирия, Алжир ж. б. араб өлкөлөрүнө, Израилге, Малиге, Эфиопияга таралган. С. т-нде 120 млн-дой киши (1970) сүйлөйт. Түштүк (араб. Түш. Аравиядагы, мальта, мехри, шахри ж. б. тилдер, гез же эфиоп тилдери) ж-а түн.-батыш (иврит — Израилдин азыркы мамл. тили, жаңы арамей тили) деген топтору бар. С. т-не мүнөздүү белгилер: үндүү тыбыштары аз; үч түрдүү (жоон, катkалаң ж-а «эмфатикалык» — күч м-н айтылчу) үнсүз тыбыштар учурайт; үндүү сөздөрү көбүнчө сөздүн негизги мааниси түюнтуучу үч үнсүз тыбыштан турат; мүчөлөр болсо сөз мааниси тактоо же граммат. маани түюнтуу милдетин аткарат.

Ад.: Крымский А. Е., Семитские языки и народы, 2 изд., ч. 2—3, М., 1909—12; Гранде Б. М., Курс арабской грамматики в сравнительно-историческом освещении, М., 1963; Дьяконов И. М., Семитохамитские языки, М., 1965.

СЕМИТ-ХАМИТ ТИЛДЕРИ — африка-азия тил уясынын эски аты. С.-х. т. Түн. Африкага ж-а Түш.-Батыш Азияга таралган. Семит, египет, бербер-ливия, кушит, чад деген бутактарга ажырайт. Булардан кеңири таралганы — *семит тилдери*. Египет тили 17-к-дан өлүү тилге айланган, аның соңку формасы — копт тили — египеттик христиандардын дин ишине гана кызмат кылат. Бербер бутагы өз ара жакын диалектилик топторго эгедер. Кушит тилдери беш топтон турат. Чад тили — он топчодон турган өзүнчө бир топ. Хауса тили ж-а Борб. Судандагы ага тектеш тилдер да ушул топко кирет. С.-х. т-не мүнөздүү белгилер: үнсүздөрдүн үч түрү бар (жоон, катkалаң ж-а күч м-н айтылчу «дабышсыз» үнсүз): муун түзбөгөн й, у ж-а үнсүз тыбыш маанисинде көмөкөй тыбыш жарылмасы колдонулат.

Ад.: Дьяконов И. М., Семитохамитские языки, М., 1965; его же, Языки древней Передней Азии, М., 1967.

СЕМПЕР Похаппес [10(22). 3. 1892, Тухалаане, азыркы Вильянди р-ну — 21. 2. 1970, Таллин] — эстон совет жазуучусу, Эстон ССР эл жазуучусу (1964). 1940-жылдан КПСС мүчөсү. Тарту ун-тин бүтүрүп (1928), анда окутуучу болуп иштеген (1928—40). «Лооминг» журналын редакторлогон (1930—40), агартуу министри (1940-ж.), Эстон ССР жаз. союзуна пред-ль (1946—50) болгон. Чыг-лары 1910-жылдан жарыялана баштаган. Гражд. ж-а филос. темадагы «Пьеро» (1917), «Унчукпай көб албайм» (1943; Сов. Эстония сыйл., 1947), «Баракгар шамалдагы жалбыракгай» (1972) ж. б. ыр жыйнактары, «Кызганыч» (1934), «Ташка таш» (1939), «Кызыл чеге гүлдөр» (1955) дегендей психол. романдары бар. С.— Эстон ССР мамл. гимнинин автору (Сов. Эстония сыйл., 1947). Ленин ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: в рус. пер. — Стихотворения, М., 1962.

Ад.: Очерк истории эстонской советской литературы, М., 1971.

СЕМУЛЕ Марта Альмовна [31. 3(13. 4). 1904-ж. т.] — эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1953, 1958). Латыш ССРинин Гулбене р-нундагы «Кондарбиба» к-зунун саанчысы (1948—61). 1953-жылдан КПСС мүчөсү. 1952—60-жылдары өзү тейлеген уйдун ар биринен жылына 5500—6000 *кг* сүт саап алган. Латыш КПнин 14-, 17—19-съездеринде Латыш КП БКга мүчө болуп шайланган. СССР Жог. Советинин (4—5-шайл.), Латыш ССР Жог. Советинин (3-шайл.) депутаты. Эки Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

«СЕМЬЯ И ШКОЛА» — СССР ПИАнын ата-энелер үчүн ай сайын чыгуучу ил. популярдык иллюстрацияланган журналы. 1946-жылдан Моск-

вада чыгат. Журнал балдарга коммунисттик таалим-тарбия берүүдө ж-а эс алуусун уюштурууда үй-бүлөгө комок корсөтүүнү, үй-бүлөнүн мектеп, башка мекемелер м-н байланышын чыңдоону көздөйт. Тарбиялоо методикасы, пед. психология, балдардын саламаттыгы, гигиенасы ж. б. тууралуу макалалар жарыяланат. Тиражы (1979) 1,5 млн нуска.

СЕНА — Франциядагы дарыя. Уз. 776 *км*, алабынын аянты 78,6 миң *км²*. Лангр платосунан башталып, Ла-Манш кысыгына куят. Ортоңку ж-а төмөнкү агымында өрөөнү жазы, нугу пйри-буйру. Башкы куймалары: Об, Марна, Уаза (оң), Йонна (сол). Негизинен жамгыр сууларынан куралат. Ноябрдан мартка чейин суусу кирет. Жылдык орт. чыгымы Парижде 250 *м³/сек*, чатына жакын 450—500 *м³/сек*. Каналдар аркылуу Сомма, Шельда, Самбр, Маас, Рейн, Сона, Луара ж. б. дарыялары м-н туташат. Труа ш-нан тартып кеме жүрөт. Башкы порттору — Париж, Руан, Гавр.

СЕНАЖ — чөптүн нымдуулугу 50—55%ке чейин тоборсутулуп, абасыз чөйрөдө консервалоо жолу м-н даярдалган тоют. С. сырьёсу катары табигый шалбаа ж-а эгилме чөптөр керектелет. Тоборсутулган чөптү майдалагыч машина м-н туурайт. С. сактоо үчүн металлдан же темир бетондон жасалган жылчыксыз мунара, кээде кирпичтен же бетондон салынган силостук мунара, бетондолгон траншеялар колдонулат. Мунарадагы (бийикт. 16—18 *м*) чөп салмагы м-н басырылат, траншеяда трактор ж. б. м-н таптайлат. Бекем пыкталган чөп, жылчыксыз жай бактериялардын өсүүсүн токтотуп, чируүгө тоскоолдук кылат. 100 *кг* беде С-ында 35—40 тоют бирдиги, 4—5 *кг* сиңимдүү протеин, 450—460 *г* кальций, 200—220 *г* фосфор, 3000—4000 *мг* каротин бар. С. майда тууралган тоют болгондуктан малга берүүнү механикалаштыруу жеңил. Кышкысын тоңбойт. Үйдүн тоют рационундагы силос м-н чөптү толук алмаштыра алат.

СЕНАТ (лат. senex — карыя дегенден) — 1) Байыркы Римде мамл. жог. органдардын бири. Респ-кага чейинки мезгилде уруу ак сакалдарынын жыйыны; респ-ка учурунда — жог. бийликтин мамл. органы; империя тушунда — ак сөөктөрдүн таянычы болгону м-н мурдагы саясий маанисинен ажыраган. 2) Россиядагы мамл. жог. органдардын бири (1711—1918). Пётр I өнин тушунда С. мамл. бардык мекемелерди көзөмөлдөгөн жог. орган болуп, аны падыша дайындаган. 1722-жылдан С-ты генерал-прокурор башкарган. 18-к-да мамл. башка жог. мекемелердин пайда болушу м-н С-тын ролу төмөндөп, 19-к-дын башынан сот ж-а көзөмөлдөөнүн жог. органына айланган. С. Совет бийлигинин 1917-ж. 22-ноябрдагы (5-дек.) декрети б-ча жоюлган. 3) Бурж. бир катар өлкөлөрдө (Бельгия, Ирландия, Италия, Франция, АКШ, Канада, Мексика, Бразилия, Малайзия, Турция, Лесото, Либерия ж. б.) парламенттин жог. палатасынын аты. Көп бир өлкөлөрдө С. тике же көп баскычтуу шайлоо м-н түзүлсө, айрымдарында мамлекет башчысы дайындайт.


СЕНАТОР — 1) Байыркы Римде сенаттын мүчөсү, б. з. ч. 1-к-дын алгынан жог. сословиенин өкүлү. С. пааны өмүр бою берилген, императордук мезгилде мураска калтырылган же император тарабынан ыйгарылган. 2) Рев-яга чейинки Россияда ж-а азыркы бурж. мамлекеттерде сенаттын мүчөсү, к. *Парламент*.

СЕН-ГОТАРД — Лепонтин Альп тоолорундагы ашуу, Швейцарияда. Бийикт. 2108 *м*. С.-Г. аркылуу автомобиль жолу, ага жакын жердеги (1100 *м* бийикте) туннелден (уз. 15 *км*дей) Цюрих — Милан т. ж. өтөт.

СЕНДАЙ — Япониядагы шаар. Хонсю а-нын түн.-чыгышында. Миягн префектурасынын админ. борбору. Калкы 545 миң (1973). Порт ж-а т. ж. тоому. Сендай булуңунун жээгинде нефть ажыратуу, электр энергетика, машина куруу ж-а жыгач иштетүү ишканалары иштейт. Металлургия, текстиль ж-а тамак-аш о. ж. ишканалары; ун-т бар. С-га жакын таш көмүр казып алынат.

СЕНЕГАЛ — Батыш Африкадагы дарыя (Гвинея Респ-касы, Мали, Сенегал, Мавританияда). Фута-Жаллон тоо массивинен Бафинг деген ат м-н башталат. Уз. 1430 *км*, алабынын аянты 441 миң *км²*. Жог. агымы босоголуу; шаркыратмалар көп. Атлантика океанына куйр жеринде аянты 1500 *км²* болгон дельта пайда кылат. Чыгымы май айында 5 *м³/сек*, авг.—сентябрда 2000—5000 *м³/сек*. Суу киргенде (июндан ноябрга чейин) Каес ш-на (888 *км*), тартылганда Подор ш-на (283 *км*) чейин кеме жүрөт. ГЭС бар. Сугатка пайдаланылат. Балык кармалат. Чатынан Сен-Луи порту орун алган. Жээгинде Бафулабе, Бакель ш-лары жайгашкан.

СЕНЕГАЛ, Сенегал Республикасы — Батыш Африкадагы мамлекет. Түп. ж-а түп.-чыгышынан Мавритания, чыгышынан Мали, түштүгүнөн Гвинея ж-а Гвинея-Бисау м-н чектешет. Батышын Атлантика океаны чулгайт. Аянты 196,2 миң *км²*. Калкы 5,1 млн (1976). Борбору — Дакар ш. (калкы 798,7 миң, шаар айланасы м-н, 1976). Админ. жактан 7 областка бөлүнөт. С.— респ-ка. Азыркы конституциясы 1963-жылдын мартынан күчүндө. Мамлекет башчысы — президент. Закон чыгаруучу жог. органы — бир палаталуу парламент — Улуттук чогулуш. Мамл. гербин ж-а мамл. желегин к. *Мамлекеттик герб*, *Мамлекеттик желек* макалаларынын таблицасынан.



Дакар ш. Боштондук алтындагы админ. имарат.



Жашыл Тумшук.

Табияты. С. саванна ж-а сейрек токойлуу субэкватор алкагында жайгашкан, жери түзөң. Көп байлыктары: фосфорит, алюминий фосфаты, темир, ильменит, рутил, цирконий, кайнатма туз, нефть ж. б. Климаты субэкватордук, түндүктөн түштүктү карай кургактыктан нымдуулукка өтөт. Айлык орт. темп-расы январда 23°С, июлда 28°С. Жылдык жаан-чачыны 250—1500 *мм*. Дарыялары — Сенегал, Гамбия (жог. агымы). Кызгылтым-күрөң топурак басымдуу. Жаныбарлары: антилопа, чоо, гиена, кабылан, сойлон жүрүүчүлөр, канаттуулар, курт-кумурскалар (цеце чымыны ж. б.).

Калкы. Элинин көбүн атлантика тил түркүмүнө кирген волоф, фульбе, серер, тукулер ж. б. түзөт. Алардан башка арабдар, европалыктар жашайт. Мамл. тили — француз тили. Диний б-ча калкынын көбү мусулмандар (85%); Шаар калкы 27% (1970). Ири шаарлары: Дакар, Каолак, Тиес, Сен-Луи.



Сен-Луи шы-нын борб. кочолорунун бири.



Тарыхы. С. аймагын адамдар палеолит ж-а неолит доорунда мекендеген. О. кылымда анын аймагы Гана, Мали, Сонгаи мамлекеттерине кирген. С-га 15-к-да европ. колониячылар келе баштап, 16-к-дан алар кул сатып, соода кылган. 1633-ж. француздар мында С. компаниясын түзгөн. 1895-ж. С. аймагы Франц. Батыш Африкага (ФБА) кошулган. 1920—30-ж. С-да улуттук-бошт. кыймыл башталып, ал айрыкча экинчи дүйн. согуштан кийин күчөгөн. 1948-ж. Демокр. блок партиясы, 1956-ж. Сенегал элдик блогу түзүлгөн. 1957-ж. С-дын Африкалык көз карандысыз партиясы негизделип, марксизм-ленинизм негизинде иштеген. 1958-ж. ФБА жоюлган соң С. франц. коомдоштуктун составындагы автономия респ-ка, 1960-ж. 20-августтан көз карандысыз респ-ка. С. 1962-ж. 14-июлда СССР м-н дипл. мамиле түзгөн. 1960-жылдан ООНго мүчө.

Саясий партиялары жана профсоюздары. С. соц. партиясы (ССП), 1959-ж. негизделген, башкаруучу партия. С-дын жацыртылган африка көз карандысыздык партиясы, 1977-ж. негизделген. Көз карандысыз Африка партиясы, 1957-ж. түзүлгөн. С. демокр. партиясы (СДП), 1974-ж. уюшулган. С. эмгекчилеринин улуттук конфедерациясы, С-дын профсоюз борбору, 1969-ж. негизделген, СПСтин составдык бөлүгү.

Экономикасы. С.— агрардык өлкө. Чарбасы жер жацгак өстүрүү ж-а анын продуктуларын экспорттоого негизделген. Экономикасы чет эл капиталына көпкөр. А. ч-нда жамаат-тык жер ээлөө үстөмдүк кылат. Жеринин 28% айдоо ж-а көп жылдык өсүмдүктөр, 29% шалбаа м-н жайыт, 27% токой ж-а бадалдар. А. ч-нын негизги тармагы — дыйканчылык. Бардык иштетилүүчү жеринин 18%инде жер жацгак өстүрүлөт. Таруу, маниок, шалы, батат, жүгөрү, май пальмасы, банан, жашылча-жемиш, пахта, бал камыш ж. б. айдалат. 1975-ж. 2,38 млн үй, 2,63 млн кой-эчки, 6,7 млн үй канаттуулары болгон. Балык уулоо өнүккөн. 474 млн *кат-с* электр энергиясы алынган. А. ч. сырьёлорун иштетүүчү ө. ж. маанилүү орунда. Тамак-аш (жер жацгак майын алуу, пиво кайнатуу, ун тартуу з-ддору), жеңил (текстиль, булгаары-бут кийим), металл иштетүү (кеме ж-а автомобиль ремонттоо, автомобиль ж-а а. ч. машиналарын жыйноо ж. б.) ө. ж. өнүккөн. Химия (минерал жер семирткичтер), нефть ажыратуу з-ду, кол өнөр промыселдери бар. Автомобиль жолунун уз. 14 000 *км*, т. ж. 1302 *км* (1976). Башкы порту — Дакар. Эл аралык маанидеги Поф аэропорту (Дакардын жанында) бар. Туризм өнүккөн. Сыртка жер жацгак майын, фосфорит ж. б. чыгарын, четтен азык-түлүк, текстиль буюмдарын, бут кийим, жабдуулар, машиналар алат. Башкы соода шериги — Франция. Акча бирдиги — африка франкы.

Дакар ш-нын портунда.



Эл агартуусу. С-да көз карандысыздык жарыяланган мезгилде (1960) элинин 95%тен көбү сабатсыз болгон. Мектепке 6 жаштан кирет. Башталгыч мектеп 6 жылдык, 3 циклден турат (ар бири 2 жылдан). Жалпы билим берүүчү орто мектеп 2 типтүү: жалпы билим берүүчү коллеж (4 жыл) ж-а лицей (7 жыл). Башталгыч мектеп базасында 3 типтүү кесипчилик-тех. окуу жайы, кесипчилик мектеп (3 жыл), тех. колледждер (4 жыл), тех. лицейлер (7 жыл) иштейт. Батыш Африкадагы жог. билим берүүчү борбордорунун маанилүүсү — Дакар ун-ти. Ил. мекемелеринин көпчулугу Дакар ун-тинин карамагында. Анын тарых, социология, лингвистика, ислам таануу, археология ж-а байыркы тарых, антроп-я ж-а этнография, геогр., ботаника ж. б. болумдору бар. С-да 3 музей, ун-ттин ири китепканасы бар. 20дай газета-журнал чыгат, радио ж-а телекөрсөтүү иштейт.



1. Алмаду Йоро Ба. «Композиция». Тушь м-н тартылган сүрөт. 2. Папа Ибра Талл. «Портрет».

Ад.: Сюрэ-Каналь Ж., Африка Западная и Центральная, [пер. с фр.], М., 1961; Кашин Ю. С., Сенегал, М., 1973.

СЕНЕКА Луций Анней [б. з. ч. 4-к. чен. Кордуба (Кордова) — б. з. 65-ж., Рим) — римдик саясий ишмер, философ, жазуучу. Алгачкы рим императорлорунун деспоттук саясатына каршы турган сенаттык топтун идеологу болгон. 41—49-ж. сүргүндө. 49—54-ж. болочок император Неронду тарбиялап, Рим саясатын жетектеген. 60-жылдары өз таасирин жоготуп, падыша сарайынан куулган. Ордунан чыкпаган заговордон кийин Неронду буйругу б-ча өзүн өзү өлтүргөн. Ал — стоицизмди башка окуунун элементтери м-н бириктирген эклектик (к. *Эклектика*). Анын философиясынын кай бир жагы христиан диниие жакын. Адабий мурасын 12 чакан ж-а 3 чоң прозалык трактат, 9 трагедия, ырлар түзөт.

СЕН-ЖЕРМЕН ТЫНЧТЫК КЕЛИШИМИ (1919) — биринчи дүйн. согушту (1914—18) корутундулаган тынчтык келишимдердин бири. *Версаль-Вашингтон системасынын* бир бөлүгү. Бир жактан АКШ, Британия империясы, Франция, Италия, Япония ж. б. «союздаш жана бириккен державалар», экинчи жактан Австрия Парижге жакын Сен-Жермен-ан-Ле ш-нда 10-сентябрда кол койгон. Ал биринчи дүйн. согушта жеңилген Австрия-Венгрия империясынын кулашын ж-а анын ордуна Австрия респ-касы м-н Венгрия, Чехосл-я, Серб-Хорват-Словения (1929-ж. октябрдан Югосл-я) мамлекеттеринин түзүлүшүн белгилеген. Келишим б-ча Австриянын составына Жог. ж-а Төмөнкү Австрия, Зальцбург, Каринтия, Штириянын бир бөлүгү, Форарльберг, Түп. Тироль ж-а Бургенланд кирип, Буковинанын бир бөлүгү Румынияга, Түш. Тироль Италияга өтүп, түш. славяндардын бардык жерлери Габсбургдардын мурдагы империясынан бөлүнүп чыккан. Ал Австрия армиясынын санын чектеп, Австрияны репарация төлөөгө милдеттендирген. Импер. державалар келишимге катышкан өлкөлөрдү Совет мамлекетине каршы плацдарм катары пайдалануудан аракеттенген. С.-Ж. т. к. фаш. Германиянын 1938-ж. Австрияны басып алышы м-н жоюлган.

СЕНКЕВИЧ Генрик (5. 5. 1846, Воля-Окшейска — 15. 11. 1916, Вевс. Швейцария) — поляк жазуучусу. Жакырланган шляхтанын үй-бүлөсүнөн. Варшава ун-тинде окуган. Алгачкы прозаларында патриархалдык турмуштун начарланын, реформадан кийинки дыйкандардын азап-тозогун коргөзөт. 1876—79-ж. АКШда жашап, америкалыктардын турмушу ж-де «Саякат каттары» деген чыгармасын жарыялаган. Кийин «От жана кылыч менен» (1883—84), «Ташкын» (1884—86), «Пан Володыёвский» (1887—88) сыяктуу тарыхый училтик жаратkан. «Догматсыз» (1889—90) романы Л. Толстой, А. Чехов, М. Горький ж. б-лар тарабынан жогору баалан-

ган. «Полонецкийлердин үй-бүлосу» (1893—94) романына сатиралык тенденция мүнөздүү. «Крестчендер» (1897—1900) тарыхый романында 14—15-к-дагы поляк элинин турмушу сүрөттолот. 1905—07-жылкы рев-яны түшүнгөн эмес («Ирим» романы, 1909—10). С-тин чыг-лары поляк элинин мад-тынын өнүгүшүнө чоң таасир тийгизген. 1905-ж. Нобель сыйлыгын алган.

Чыг.: Собр. соч., т. 1—16. М., 1914; Крестоносцы, М., 1960; Потоп, М., 1970; Ангемелер, Фр., 1977.

Ад.: Зелинский Ф., Генрих Сенкевич, «Вестник Европы», 1918, № 1—4; Горский И. К., Исторический роман Сенкевича. М., 1966.

СЕН-ПЬЕР ЖАНА МИКЕЛОН—Франциянын Атлантика океанындагы эллиги, Ньюфаундленд а-нын түштүгүндө. 8 аралдан турат; эң ирилери — Сен-Пьер ж-а Микелон а-дары. Жалпы аянты 242 км². Калкы 5,8 миң (1974), көпчүлүгү француздар. Админ. ж-а негизги экон. борбору — Сен-Пьер ш. Климаты мелүүн (январдын орт. темп-расы —6°С, июлдуку 14°С), океандык, нымдуу (жылдык жаанчачыны 1000 *мм*ге чейин). Дөңсөөлүү ойдундар ж-а платолор басымдуу. Жери таштак болгондуктан а. ч. өнүккөн эмес. Калкынын негизги кесипчилиги — балык кармоо ж-а консервалоо, башка өлкөлөрдүн балык уулоочу кемелерин тейлөө. Айбанаттарды асыроочу ферма бар. Сыртка балык, балык продукцияларын ж-а тери чыгарат.

СЕНСИБИЛДӨӨ оптикада (лат. sensibilis—сезгич)—оптикалык спектрдеги жыштыгы белгилүү нур м-н пурлантканда фотоматериалдын жарык сезгичтигинин жогорулашы. С. оптикалык ж-а хим. болуп айырмаланат. Оптикалык С. түздөн түз реакцияга кирбеген, бирок энергиясын күмүш галогениддерине берип, алардын сезгичтигин жогорулатуучу сенсибилдештиргич затты кошуунун натыйжасында алынат. Химиялык С. күмүш галогениддеринин кристалл торчосунун бетинин бузулган жеринде адсорбция процесстеринин пайда болушунун ж-а атайын кошундулар м-н жарык сезгич заттын хим. өз ара аракеттенишинин негизинде алынат.

СЕНСИБИЛДӨӨ сенсибилденүү — организмдин бөтөн заттарга (аллергендерге) өтө сезгичтиги. С-гө *бактериялар, вирустар* (алардын антигени, уусу), хим. заттар, көп дарылар, өө. ж. уулары алып келет (к. *Аллергия*). Организмдин өзүндөгү белоктор бузулганда аутосенсибилдөө болушу мүмкүн. С-дөгү аллергиялык реакциялардын башталышы иммунитет процессине окшошуп, аллергендер *ретикул-эндотелий системасынын* клеткаларында топтолуп, анда атайын *антителолор* пайда болот. С. иммунитетке окшоп, активдүү ж-а пассивдүү болуп бөлүнөт.

СЕН-СИМОН Клод Анри де Рувруа (17. 10. 1760, Париж — 19. 5. 1825, ошол эле жер)—граф, француз социологу, ойчул, социалист-утопист. Улуу франц. бурж. рев-я жылдарында якобчулар м-н талапташ болуп, кийинчерээк алардан четтеп, Наполеон Бонапарт тарапка өткөн.

Тарыхый процесстин өнүгүшүн С.-С. коомдун өнүгүшүндөгү кээ бир прогрессчил тепкич катары элестетип, капитализмдин социализм м-н алмашуусун закон ченемдүү деп эсептеген. С.-С. милдеттүү иштөө, илим м-н ө. ж-дын бирдиктүүлүгү, чарбаны борбордоштуруп пландуу жүргүзүү, коомду окумуштуулар м-н капиталисттердин башкарышы сопиализмдин белгилери деп эсептеген. Келечек коомдо жеке менчик болот деген. Ал өзүнүн соц. идеяларын турмушка ашыруу жолу рев-яда эмес, ошол идеяларды тынчтык жол м-н пропагандаалоодо деп ойлогон. С.-С. жумушчу табын жапа чегүүчү гана тап катары эсептеп, анын тарыхый-рев-ячыл ролун баамдаган эмес. Соц. идеологияга С.-С. диний көз караштарды киргизип жиберген. С.-С. Францияда, Германияда, Италияда, Россияда ж. б. өлкөлөрдө алдыңкы ойпикирдин ж-а соц. идеялардын өнүгүшүнө чоң таасир тийгизген. Анын окуусу ил. социализмдин булактарының бири болуп калган.

Ад.: Францов Г. П., Исторические пути социальной мысли, М., 1965; Кученко Г. С., Сен-Симонизм в общественной мысли первой половины XIX в., М., 1975.

СЕНСИТОМЕТРИЯ фотографиялык (лат. sensitivus — сезгич ж-а ...*метрия*) — жарык сезгич материалдын фотогр. касиеттерин өлчөө ж-дөгү илим. С. үч негизги болукко болунөт: интегралдык С.— фотоматериалдарга ак жарык таасир эткенде анын касиетин өлчөө; спектрдик С.— монохром нуру таасир эткендеги фотоматериалдардын касиеттерин өлчөө; структурометрия — сүрөттөлүштүн майда элементтерин кабыл алууга карата фотоматериалдардын сезгичтик жөндөмүн баалоо. С. методдору фотоматериалдардын жарык сезгичтиги, дааналыгы ж. б. касиеттерин аныктайт.

СЕНСУАЛИЗМ (лат. sensus — сезүү, туюу) — сезим-туюмду таанымдын негизги булагы деп эсептеген филос. багыт. С. рационализмге карама-каршы. Матер. ж-а идеалисттик С. болуп бөлүнөт. Матер. С. сезим-туюмду объективдүү болмуштун чагылышы катары карайт. Ал Эпикурдан башталып, Т. *Гоббс*, Ж. *Локк* тарабынан өнүктүрүлгөн. Гольбах, Гельвеций, Фейербахтардын С-инде акыл-эстин таанымдагы ролу белгиленген. Бирок ал тар, чектелген мүнөздө болгон. Идеалисттик С. сезим-туюмду тышкы дүйнөнө байланышпаган субъективдүү кубулуш деп эсептейт. Ал Протагордон башталып, Ж. Беркли, Д. Юм тарабынан өнүктүрүлгөн. 19—20-к-дагы бурж. философиядагы С-дин салттары улантылган. Диалек. материализм таанымда сезим-туюмдун акыл-эс ж-а практика м-н байланышын көрсөтүп, алардын диалектикасын аныктайт.

СЕНТ-ВИНСЕНТ — Вест-Индиядагы мамлекет. Айдарым а-дар тобундагы Сент-Винсент а-нда жайгашкан. Аянты 389 км². Калкы 106,3 миң (1979). Офиц. тили — англис тили. Башкы шаары ж-а порту — Кингстаун (калкы 22 миң). Жери негизинен жапар тоолуу. Эң бийик жери аракеттеги Суфриер жанар тоосу (бийик. 1165 *м*). Табигый осумдуктордон дайыма жашыл токой кездешет. Экономикасынын негизин а. ч. түзөт. Банан, аррорут, бал камыш, пахта, батат, кокос ж-а мускат жаңгактары өстүрүлөт. Сыртка банан, аррорут, копра ж. б. чыгарат. Тринидад ж-а Ылымта а-дары м-н аба катнашы бар. Туризм өнүккөн.

С.-В-ти 1498-ж. Колумб ачкан. 1763-ж. аралды Англия каратkан. Кийин аны бирде француздар, бирде англичандар суран турган. 1969-ж. С.-В. Англия м-н «бириккен мамлекет» деп жарыяланган. 1974-ж. С.-В. Кариб коомуна (1973-ж. Кариб деңизинин бассейниндеги өлкөлөрдүн саясий ж-а соода-экон. кызматташтыгын жөнгө салуу үчүн түзүлгөн) кирген. 1979-ж. 22-январда С.-В-тин көз карандысыздыгы жарыяланган.

СЕНТИМЕНТАЛИЗМ (фр. sentiment—сезим, англ. sentimental — сезимталдык, жашыктык) — Европа ж-а Россия ад-ты м-н иск-восунда 18-к-дын 2-жарымында өкүм сүргөн агым. *Классицизмдин* карандай акылга негизделген эрежелерин жерүү, *рационализмге* сезим байлыгын каршы коюу. психологизмдин элементтерин кеңирп пайдалануу багытында өөрчүгөн. С-дин зор табылгасы жоокерий адамдардын бай рухий дүйнөсүн ачып бергени болгон. С-дин ири өкүлдөрү: Англияда Л. Стерн — бүтүндөй агымга наам берген «Сентименттүү саякат» (1768) романынын автору; Францияда Ж. Ж. Руссо («Жаңы Элоиза», «Ыймандай сыр»); Германияда «бороон жана кысым» агымынын өкүлдөрү: Россияда Н. М. Карамзин («Байкуш Лиза») ж. б. С. агартуучулар ад-тынын бир баскычы болуп, сословиелик көз караштарга каршы турган ж-а ад-тка реалисттик психологизмдин киришине өбөлгө түзгөн. 18-к-дын акырында айрым сентименталисттердин чыг-лыгында реакциячыл мотивдер да көрүнө баштаган.

Ад.: Проблемы Просвещения в мировой литературе, М., 1970; Благой Д. Д., История русской литературы 18 в., 4 изд., М., 1960; Тронская М. Л., Немецкий сентиментально-юмористический роман эпохи Просвещения, Л., 1965.

СЕНТ-ЛУИС — АКШнын Миссури штатындагы шаар. Миссисипи д-ндагы порт. Калкы 560 миң (1975; шаар айланасы м-н 2,4 млн). Машина куруу (авиаракета, электр тех., радио электроника ж. б.), жеңил (булгаарыбут кийим, тигүү), тамак-аш (эт, ун, широ), кара ж-а түстүү металлургия ө. ж. ишканалары иштейт. Нефть ажыратуу, химия ж-а металлургия з-ддору шаар айланасында жайгашкан. Эки ун-т бар. Шаарга жакын коргошун кени казып алынат. С.-Л-ти 1764-ж. француздар негиздеген.

СЕНТ-ЛЮСИЯ—Вест-Индиядагы мамлекет. Кичи Антиль архипелагынын түш.-чыгышындагы Айдарым аралдар тобуна кирген Сент-Люсия а-нда жайгашкан. Аянты 616 км². Калкы 120 миң (1979). Борбору — Кастри ш. (калкы 47 миң). Офиц. тили — англис тили, көбү француз тилинин жерг. диалектисинде сүйлөйт. Жери негизинен тоолуу (бийик. 958 *м*ге чейин). Климаты дениздик, тропиктик. Аймагынын 1/5ин дайыма жашыл токой ээлейт. Экономикасынын негизин а. ч. түзөт. Банан, бал камыш, копра, какао, шалы, пахта өстүрүлөт. Тамак-аш ө. ж-нын майда ишканалары иштейт. Балык кармалат. Туризм өнүккөн. Сыртка банан, копра, кант, жыгач көмүрүн ж. б. чыгарат.

С.-Л-ны 1502-ж. Колумб ачкан. 17—18-к-да арал үчүн Англия м-н Франциянын ортосунда айгышкан күрөш жүргөн. 1814-жылдан аны Улуу Британия колониялаган. 1967-ж. арал метрополия м-н «бириккен мамлекет» деп жарыяланган. 1974-ж. С.-Л. Кариб коомуна (1973-ж. Кариб деңизинин бассейниндеги өлкөлөрдү саясий ж-а соода-экон. кызматташтыгын жөнгө салуу үчүн түзүлгөн) кирген. 1979-ж. 22-февралда С.-Л-нын көз карандысыздыгы жарыяланган.

СЕНТО (англ. Central Treaty Organization дегендин баш тамгаларынан кыскартылып айтылышы), к. *Борбордук договор уюму.*

СЕНТ-ЭКЗЮПЕРИ Антуан де (29. 6. 1900, Лион — 31. 7. 1944) — француз жазуучусу. Ак сөөк үй-бүлөдөн. Асем өнөр мектебинен окуган (1919—21). Туңгуч чыгармасы («Учкуч») 1926-ж. жарыяланган. «Түштүк чабарманы» (1929), «Түнкү учуш» (1931), «Адамдар планетасы» (1939) романдарында өткөн турмушту поэтикалык, филос. жактан жалпылап, гуманисттик жыйынтык чыгарат, реакцияны жек көргөндүгүн айтат. 1935-ж. СССРдө болуп, соц. турмушка мээримдүү мамилесин билдирген бир топ очерк жазган. Аскер учкучу катары 2-дүйн. согушка катышкан. «Аскер учкучу» (1942), «Барымтага кеткенге кат» (1943) повесттери Каршылык көрсөтүү кыймылынын ад-тындагы көрүнүктүү чыг-лардан. «Кичинекей ханзада» (1943) жомогу С.-Э-ни дүйнөгө белгилүү кылган.

Чыг.: Сочинения, М., 1964; Кичинекей ханзада, Фр., 1968.

Ад.: Минко М., Сент-Экзюпери, М., 1963; Зонина Л., Заметки о Сент-Экзюпери, «Новый мир», 1965, № 6; Антуан де Сент-Экзюпери. Библиогр. указатель, М., 1966.

СЕНТЯБРЬ (лат. septem — жети) — календарь жылынын тогузунчу айы (30 сутка). Байыркы Римде ж-а Байыркы Руста С. 7-ай болуп келген. Ай календары б-ча С. жетинин айы деп да аталат, к. *Календарь.*

СЕНЬКО Василий Васильевич (15. 10. 1921-ж. т., Чернигов обл., Семёновка ш.) — эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1943, 1945), аскер штурманы, полковник (1957). 1942-жылдан КПСС мүчөсү. 1941-ж. Аскер авиация мектебин, 1952-ж. Аскер-Аба академиясын бүткөн. Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) аткыч-бомбалоочу, штурман болуп, Ленинград, Дон, Сталинград, Польша, Венгрия, Чыгыш Пруссия м-н Германиядагы салгылаштарга катышкан. 430 согуштук учуш жасаган. Согуштан кийин ААКта штурман ж-а ААКтын жог. аскер окуу жайында пед. кызматтарда болгон. Ленин ордени, Кызыл Туу, 1-дараж. Ата Мекендик Согуш, Кызыл Жылдыз ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

СЕҢИРБАЕВ Турдукул (1898-ж. т., азыркы Калинин р-ну, Ак-Башат кыш.— 10. 3. 1978, ошол эле жер) — Соц. Эмг. Баатыры (1957). 1937-жылдан КПСС мүчөсү. 1935—37-ж. Калинин р-нундагы Эл депутаттарынын Ак-Башат айыл советинин, 1938—40-ж. Калинин райаткомунун предли. 1954—60-ж. Калинин р-нундагы «Орто-Суу», кийин Панфилов атн. к-здун башкармасынын пред-ли. 1956-ж. ал башкарган колхоз ар гектардан 587 ц кант кызылчасын алып, а. ч. азык-түлүгүн өндүрүүдө зор ийгиликтерге жетишкен. Кыргыз ССР Жог. Советинин (5-шайл.) депутаты. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

СЕП АЛДЫРУУЧУ ДАРЫЛАР — өсүмдүктөрдөн ж-а синтет. жол м-н алынган тынчтандыруучу каражаттардын бир тобу. Аларга дары өсүмдүктөрдөн алынгандар (валериана, дүлөй чалкан, жалбыз ж. б.), транквилизаторлор (мепротан, эленнум, седуксен, триоксазин ж. б.), уктатуучу дарылар (аз олчомдө), корвалол, бромиддер (мис., натрий бромиди) кирет. С. а. д. борб. нерв системасында тормоздоо процесстерин күчөтөт. Мээ кыртышындагы ж-а аныи астыцкы катмарындагы эмоцияларды жөнгө салуучу структураларга таасир этип, кишинин өзүн өзү токтотуусуна көмөк болот. Бул дарылар *истерия, невроздордо,* уйку бузулганда, *гипертония оорусунда,* оорулуулардан операцияга даярданганда (коркуунун токтотууда) ж. б. учурда венага, тери астына эритме түрүндө куюлуп же таблетка, күкүм түрүндө колдонулат.

СЕПАРАТИЗМ (лат. separo — бөломүн, ажыратам) — 1) өзүнчө бөлүнүү-ага аракеттенүү; 2) көп улуттуу бурж. мамлекеттерде аз сандуу улуттардын мамлекеттен бөлүнүп, өзүнчө мамлекет же АО болууга умтулушу. С-дин улуттук-бошт. кыймылдан айырмасы — массалык кыймыл болбостон, белгилүү бурж. чойрөнүн кызыкчылыгын чагылдыргандыгында.



К. А. Сен-Симон.



Т. Сеңирбаев.

СЕПАРАТОР (лат. separator — бөлгүч) — катуу же суюк перселерден мех. аралашмаларды бөлгүч, алардан кошундуларды ажыратkыч, газдан катуу же суюк бөлүкчөлөрдү бөлүп алгыч аппарат. Түрдүү типтеги С-дун иштеши аралашмадагы компоненттеринин физ. касиетинин түрдүүлүгүнө (форма, масса, магнит ж-а электр касиеттери, бөлүкчөлөрдүн тыгыздыгы, сүрүлүү коэффициенти ж. б.) негизделген. С-дун көп түрү бар. Суюктуктан эмульсияны бөлүп алууда борбордон четтөөчү С., газды мех. тазалоодо ж-а андан катуу же суюк бөлүкчөлөрдү бөлүүдө газ С-у ж-а циклондор, данды керексиз кошундулардан арылтууда дан С-у колдонулат. С. тоо-кен ө. ж-нда пайдалуу казылмаларды байытууда, хим. ө. ж-нда түрдүү аралашмадан бөлүү ж-а тазалоодо, куйма өндүрүшүндө формалык ж-а стержендик аралашмаларды даярдоодо ж-а тазалоодо, газ өндүрүшүндө газ скважиналарын нымдан, катуу бөлүкчөлөрдөн ж. б. кошундулардан тазалоодо, тамак-аш ө. ж-нда каймак, быштак алууда, сүттү тазалоодо, крахмал, ачыткы алууда пайдаланылат. Эл чарбасында магнит, күйүүчү май ж-а сүт С-лору көп таралган. Магнит С-у пайдалуу минералдарды жараксыз тектер м-н пайдасыз кошундулардан бөлүп алууда, күйүүчү май С-у майдан сууну ж-а мех. кошундуларды бөлүүдө, сүт С-у сүттү тазалап, каймак м-н көк сүттү бөлүүдө колдонулат.

Ад.: Кармазин В. В., Кармазин В. И., Виникевич В. А., Магнитная регенерация и сепарация при обогащении руд и углей, М., 1968; Липатов Н. Н., Сепарирование в молочной промышленности, М., 1971.

СЕПАРАЦИЯ (лат. separatio—бөлүү) техникада — катуу перселерде түрдүү тектеги бөлүкчөлөрдүн аралашмасын, түрдүү тыгыздыктагы суюктуктардын аралашмасын, эмульсиясын бөлүү, газ же буудагы катуу бөлүкчөлөрдү ажыратып алуу процесси. С-да бөлүнүүчү компоненттер хим. составын өзгөртпөйт. С. аралашмадагы компоненттердин физ. же физ.-хим. касиеттеринин ар түрдүүлүгүнө негизделген. Руданы байытууда ажыратуу операцияларының бардыгы С-га кирет. Мис., аба же пневматикалык С., магнит С-сы, электр С-сы, радиометриялык С., сер-



А. С. Серафимович.



М. Сервантес.

пилгичтик С. ж. б. **Айыл чарба сында** — данды тазалоодогу болуп ажыратуу жумуштарынын бардыгы С. деп аталат; мында дандын түрдүүлүгү, формасы, тыгыздыгы, сүрүлүү коэффициенти, серпилгичтиги, магнит кабылдагычтыгы эске алынат.

СЕПИР Эдуард (26. 1. 1884, Германия, Лауэнбург — 4. 2. 1939, АКШ, Коннектикут, Нью-Хейвен) — амер. тилчи ж-а этнолог. Америка иск-во ж-а илимдер академиясынын мүчөсү. Колумбия ун-тин бүткөн (1904). Чикаго (1927—31), Йель (1931-жылдан) ун-ттеринин проф. АКШнын Лингв. (1933) ж-а Антроп-я (1938) коомдорунун президенти болгон. Негизги эмгектеринде жалпы тил илиминин маселелери, амер. индеецтердин тилдери изилденет. «Тил» (1921) деген китебинде азыркы амер. *структурализмдин* өнүгүшүнө кыйла таасир тийгизген лингв. концепциясы, тилдердин оригиналдуу типологиялык классификациясы берилген. Аның айлана-чөйрө тууралуу адам түшүнүгүнүн калыптанышына тилдин тийгизген таасири ж-дөгү ил. божомолу (Сепир-Уорф гипотезасы) этнолингвистиканын негизин түзөт.

Ад.: Гухман М. М., Э. Сепир и «этнографическая лингвистика», «Вопросы языкознания», 1954, № 1.

СЕПКИЛ — күндүн, кээде рентген нурунун ж-а хим. дүүлүктүргүчтүн таасиринен кишинин денесинин ачык жеринде пайда болгон сары-күрөң пигменттүү тактар. С-де терининн үстүңкү катмарындагы пигмент (меланин) көбөйөт. С-ди алдын алууда *витаминдерди* (В, С) кабыл алуу, күн нурунан сактануу зарыл.

СЕПСИС (гр. sepsis — чирүү) — кишн м-н айбанаттардын ириндетүүчү микробдор ж-а алардын токсиндери канга же ткандарга жукканда пайда болуучу жугуштуу оору. С.— жарааттын же сезгенүүнүн (мис., *сыздоок, флегмона* ж. б.) кабылдоосу. Канды көп жоготуу, операция, жетишсиз тамактануу ж. б-дан организмдин начарлашы ооруга түртүк берет. С-те баш оорүйт, эт ысыйт (39—40°С), оорулуу арыктайт, кан басымы төмөндөйт, шишийт, эти оюлат. Инфекция ириндеген жерден ар кайсы органдарга ж-а ткандарга таралып (септикопиемия), анда ириң толгон көндөйлөр пайда болот. Кээде ириң *метастаз* бербейт (септицемия). Ымыркай балдардын киндик тканы ж-а кан тамырлары ириңден, С. пайда болушу мүмкүн. Анда бала кусат, ичи өтөт, эмчек эмбейт, арыктайт, териси бырышын кургайт, киндикте флегмона, абсцесс байкалат. Дарылоодо *антибиотиктер, сульфаниламид дарылары*, жетиштүү тамактануу, витаминдер, *кан куюу* ж. б. О. эле жарааттагы ириңди хирургиялык жол м-н жоготуу колдонулат.

Ад.: Шлапоберский В. Я., Хирургический сепсис (Клиника и лечение), М., 1952; Шиппилов В. М., Сепсис в условиях применения современных методов лечения, «Клиническая медицина», 1973, т. 51, № 10, с. 44—49; Выпту А. С., Бакалинов Н. А., Стафилококковый сепсис у детей раннего возраста, «Здравоохранение» (Кишинёв), 1976, № 5, с. 35—37.

СЕПТЕТ (лат. septem — жети) — жети аткаруучудан түзүлгөн муз. *ансамбль* же ушул ансамбль үчүн жазылган муз. чыгарма.

СЕПТОРИОЗ — өсүмдүк илдети. Негизинен өсүмдүктүн жалбырагында кара, агыш, кээде ак так пайда болот. Бул илдет «ак темгил» делип да аталат. С. айрыкча дан өсүмдүктөрүнө, томатка, барсылдакка көп зыян келтирип, таруу, соя, кара куурай, жүүм ж. б-га да жугат. Илдет өсүмдүк калдыгы аркылуу таралат. Буга катуу чалдыкканда өсүмдүктүн жалбырагы м-н оркүнү куурап, сабагы күрөң тартат, чүрүшүп толгонот, жалбырагы эрте түшөт, кем дан (данduулар) болот. Күрөш чарасы: өсүмдүк калдыгын жок кылуу, которуштуруп эгүү, фунгицид чачуу, туруктуу сортторду өстүрүү, минерал жер семирткич чачуу.

Ад.: Пересыпкин В. Ф., Сельскохозяйственная фитопатология, М., 1969.

СЕРАДЕЛЛА (Ornithopus) — чанактуулар тукумундагы өсүмдүк уруусу. Дүйнөдө 8, СССРде 3 түрү белгилүү, аның ичинен бирөө эгилме. Ал — бир жылдык, көп бутактуу, ичке сабактуу, ширелүү өсүмдүк. Уз. 50 *см*че. Жалбырагы 5—20 жуп. Гүлү мала кызгылт, майда чачыкча. Мөмөсү — чанак, уругу майда. С. Португалия, Испания ж-а Африкада өсөт. СССРде тоют өсүмдүгү же күрөчө жерге жер семирткич катары эгилет (к. *Сидерация*). РСФСРдин батыш жагында, Белоруссия, Украинада көп тараган. Гектарынан 200—300 *ц* жашыл масса алынат. Малга жагымдуу тоют. 100 *кг* С-да 15,3 тоют бирдиги, 2,7 *кг* сиңимдүү протеин бар. Чабылган аянт тез алысындан, мал жайытка пайдаланылат.

СЕРАФИМОВИЧ (чын фамилиясы — Попов) Александр Серафимович [7(19). 1. 1863, Нижнекурмоярский станицасы, азыркы Ростов обл., Цимлянский р-ну — 19. 1. 1949, Москва]— орус совет жазуучусу. Жасоолдун үйбүлөсүнөн. 1918-жылдан КПСС мүчөсү. Петербург ун-тинен окуган. А. И. Ульяновдун иши б-ча камакка алынган (1887—90). Чыг-лары 1889-жылдан жарыялана баштаган. Алгачкы ачкемелеринде эле капитализмдин карама-каршылыгы ж-дө жазган. «Түнүчүндө», «Преснядa» очерк, ангемелеринде биринчи орус рев-ясынын окуялары (1905—07), «Талаадагы шаар» (1912) романында орус капитализминин тарыхын баяндайт. Биринчи дүйн. согуш мезгилиндеги ачкеме, очерктеринде согушка каршы рев-ялык маанай сүрөттөлөт. Гражд. согуш мезгилиндеги «Правда» газетасынын аскер кабарчысы болгон. Чыгылгынын туу чокусу — соц. реализмдин классикалык чыг-ларынан болгон «Темир сел» (1924) романы. Романдагы негизги каарман — рев-ялын казанында кайнап, согуш азап-тозогун башынан кечирген эл массасы. «Дон талаалары менен» очерктер сериясы коллективдештирүү ж-дө. Улуу Ата Мек. согушта фронтто болуп, публ. чыг-лар жазган. С.— СССР жаз. союзун уюштургандардын бири. СССР мамл. сыйл. (1943) лауреаты. Чыглары СССР элдеринин тилине ж-а чет тилдерге которулган. Ленин ордени, башка 2 орден м-н сыйланган.

Чыг.: Собр. соч., т. 1—7, М., 1959—60; Чымчык үнү, Фр., 1935; Керемет (Ангемелер), Фр., 1955; Темир сел, Фр., 1957, 1976.

Ад.: Луначарский А. В., Путь писателя, Собр. соч., т. 2, М., 1964; А. С. Серафимович. Исследования. Воспоминания. Материалы, Письма, М.—Л., 1950; Волков А., Творческий путь А. С. Серафимовича, 2 изд., М., 1963.

СЕРАФИМОВКА СВИТАСЫ — Тянь-Шанда кездешүүчү, неоген мезгилинде пайда болгон тоо тек катмары. Чүй, Кочкор, Жумгал ж-а Кетмен-Төбө өрөөндөрүндө кеңири тараган. 1962-ж. Л. И. Турбин ж-а В. А. Грищенко аны Чүй өрөөнүндө өзүнчө бөлүп, Серафимовка кыш-ның аты м-н атаган. Свита негизинен ак, саргыч, жашыл, күрөң, кызгылт түстөгү чопо кабатынан түзүлгөн. Жалпы калың. 1800 *м*ге чейин. Арасында туз (галит, глауберит) линзалары кезигет. Айрым геологдор (С. С. Шульц, В. И. Огнев, А. Т. Турдукулов ж. б.) С. с-н миоцендин башталышында ж-а ортосунда пайда болгон деп эсептешет. Свитада таш туз кендери кезиккендиктен аның практикалык маанисн бар.

Ад.: Геология СССР, т. 25, кн. 2, М., 1972.

СЕРБДЕР — Югосл-ядагы улут. Саны 9,4 млн (1975) адам. 180 миңдейн Югосл-ядан тышкары жашайт. Сербохорват тилинде сүйлөшөт. Динге ишенгендеринин көпчүлүгү — православныйлар. Католиктер, протестанттар, мусулмандар да бар. С-дин ата-бабалары — түш.-славян уруулары. 6—7-к-да Балкан ж. а-нын борб. бөлүгүнүн көбүн эөлеген. 9—14-к-да серб эли, 18—19-к-да серб улуту калыптанган. С. ЮСФРдеги тең укуктуу башка элдер сыяктуу эле соц. курулушка катышып, өз мад-тын өнүктүрүүдө. Тарыхы, экономикасы ж-а мад-ты ж-дө к. *Сербия, Югославия* макалаларынан.

СЕРБИЯ, Серб Социалисттик Республикасы—Югосл-яның составына өз ыктыяры м-н бириккен, тең укуктуу соц. респ-каның бири. С-ның карамагына Воеводина ж-а Косово соц. автономия крайлары кирет. Аянты 88,4 миң *км*². Калкы 8,7 млн (1974), аның 71% сербдер, 12% албандар, 5% венгрлер ж. б. Борбору — Белград ш. (калкы 1204 миң, 1974).

Шаарлары: Ниш, Нови-Сад, Суботица ж. б. Шаар калкы 56%. Админ. жактан срездерге (жамааттарга) бөлүнөт. Табиятын, экономикасын к. *Югославия* макаласынан.

С. аймагын адам палеолит доорунан мекендеген. 6—7-к-да славяндар жашап, 8—12-к-да феод. мамилелер, серб эли калыптанып, алгачкы княздыктар түзүлгөн. 12-к-дын аягында сербдердин бирдиктүү феод. мамлекети, 1217-ж. С. королдугу орногон. 1331—55-ж. С. Македония, Эпир, Албания ж-а Фессалияны каратып, Балкандагы ири мамлекетке айланган. Бирок 14-к-дын аягында бир катар княздыктарга бөлүнүп, 1459-ж. Осмон империясынын составына кошулган. Гайдуктардын башт. күрөшүнө орустүрк согушу өбөлгө түзүп, биринчи серб көтөрүлүшүндө (1804—13) түрктөр куулуп, Бухарест тынчтык келишими (1812) б-ча Осмон империясы С-га автономия укугун берген. Бирок 1813-ж. султан бийлиги калыбына келтирилген. Экинчи серб көтөрүлүшүнөн (1815) улам С-нын көп бөлүгү (түштүгүнөн башкасы) автономия укугун алган. С. орус-түрк согушта-рынан (1877—78) кийин толук көз карандысыздыкка жетишип, 1882-ж. С. королдугу жарыяланган. 1915-жылдын аягында С-ны австрия-германия ж-а болгар аскерлери каратkан. Австрия-Венгрия кулаган соң С. ж-а габсбург империясындагы түш. славян жерлеринин көбү 1918-ж. Серб, хорват ж-а словен королдугун (1929-жылдан Югосл-я) түзгөн. 1941-ж. С. Югосл-я м-н бирге фаш. Германиянын бийлигинде калып, андан 1944-ж. декабрда бошотулган. Югосл-я Элдик Федерация Респ-касы орногондон кийин, 1945-ж. 29-ноябрда аның составында эл респ-ка болуп түзүлгөн. Югосл-я м-н С-нын конституцияларына (1963, 1974) ылайык С. Югосл-я Соц. Федерация Респ-касынын составындагы социалисттик республика.

Ад.: История Югославии, т. 1—2, М., 1963; Бодрин В. В., Авденчев Л. А., Югославия, Экономико-географическая характеристика, М., 1970.

СЕРБ-ХОРВАТ ТИЛИ — *сербдердин, хорваттардын*, черногориялыктардын ж-а мусулман боснийлердин тили. Негизинен ЮСФРге тараган. 15 млндой киши (1971) сүйлөйт. *Славян тилдеринин* түш. тобуна кирет. Штокав, чакав, кайкав деген үч негизги диалектиси бар. Эң байыркы жазма эстелиги 12-к-га таандык. Азыркы адабий тили 19-к-дын биринчи жарымында штокав диалектисинин элдик говорлорунун негизинде калыптанган. С.-х. т. эки алфавит колдонот: орус азбукасы сымал кириллица ж-а реформаланган латын алфавити — латиница.

Ад.: Кульбакин С. М., Сербский язык, 2 изд., Полтава, 1917; Гудков В. П., Сербохорватский язык, М., 1969; Толстой Н. И., Сербско-хорватско-русский словарь, М., 1970.

СЕРВАНТЕС Сааведра Мигель де (9. 10. 1547, Алькала-де-Энарес — 23. 4. 1616, Мадрид) — испан жазуучусу. Хирургдун үй-бүлөсүнөн. Жашында аскер кызматын өтөп, 1571-ж. испандар м-н түрктөрдүн кармашында сол колунан ажыраган. Мекенине кайтып келе жатканда деңиз каракчыларынын колуна түшүп, 5 жыл камоодо жаткан. Өмүр бою турмуштун заңкысын тартып, жокчулуктан башы чыкпаган эмес. 3 жолу түрмөгө түшкөн. С-тин туңгуч чыг-ларынын көрүнүктүүлөрү — «Нумансия» тарыхый трагедиясы (1582) ж-а «Галатея» романы (1585). Аның «Насыят новеллалары» (1613) капитализм калыптанып келе жаткан доордо о. кылымдык адеп-ахлактын бузула башташын айкын элестететет. Жазуучунун «Сегиз комедия жана интермедия» (1615) деген жыйнагына улуттук драматургиянын салттарына негизделген бир канча чыгармасы топтолгон. С. интермедияларында 17-к-дагы испандарга мүнөздүү дырым-жырымдар, ак сөөктөрдүн диний салттары, ишенимдери жөнүнөн баян кылат.

С-тин жалпыга таанымал чыгармасы — «Шумдуктуу идальго Дон Кихот Ламанчский» (1-бөлүк, 1605; 2-бөлүк, 1615) деген роман. Бу романында С. турмуштун эмне экенин билбеген ж-а билгиси да келбеген рыцарлар ж-дөгү романдардын жөөлүгөн идеяларына сокур жетеленген эселек каарман Дон Кихот сыяктуулардын образдарды аркылуу о. кылымдык дүйнөнү да, о. эле жаңыдан жаралып келе жаткан бурж. мамилелерди да катуу сынга алган. Өмүрүнүн акыркы мезгилинде «Персилес менен «Сихизмунддун саякаттары» аттуу роман жазып калтырган (1617-ж. басылган).

Чыг.: в рус. пер.— Собр. соч., т. 1—5, М., 1961; Шумдуктуу идальго Дон Кихот Ламанчский, Фр., 1958.

Ад.: Белинский В. Г., Тарантас, Полн. собр. соч., т. 9, М., 1955; Тургенев И., Гамлет и Дон Кихот, Полн. собр. соч. и писем, Сочинения, т. 8, М.—Л., 1964; Снеткова Н., «Дон Кихот» Сервантеса, М.—Л., 1965.

СЕРГЕЕВ Константин Михайлович [20. 2(5. 3). 1910-ж. т., Петербург] — сов. балет артисти ж-а балетмейстер, СССР эл арт. (1957). 1930-ж. Ленинград хореогр. окуу жайын бүтүрүп, Ленинграддагы Киров атн. опера ж-а балет театрында иштейт. Башкы партиялары: Зигфрид ж-а Дезире (П. Чайковский, «Ак куу колу», «Уйкудагы сулуу»), Вацлав (Б. Асафьев, «Бахчисарай фонтаны»), Ромео (С. Прокофьев, «Ромео жана Жульетта») ж. б. С. «Раймонда», «Ак куу колу», «Уйкудагы сулуу» балеттеринин жаңы редакциясын ж-а Прокофьевдин «Золушка» (1946), Червинскийдин «Гамлет» (1970) ж. б. балеттерди койгон. Ал — 1938—40-ж. ж-а 1973-жылдан Ленинград хореогр. окуу жайында көркөм жетекчи. СССР мамл. сыйл. (1946, 1947, 1949, 1951) лауреаты. Ленин ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Прохорова В., Константин Сергеев, Л., 1974.

СЕРДОЛИК — минерал. Составында темирдин кычкылы бар халцедондун бир түрү. Өңү ачык кызгылт сары, кызыл. Агаттын ачык кызыл жө кызгылт сары түстөрүнүн кезектешип жайгашкан түрү да С. оникси деп аталат. С. м-н С. оникси — кооз ж-а кымбат баалуу асыл таш. Алар мончок, кутуча, кооз төөнөгүч жасоого ж-а шакектин көзүнө коюучу таш катары пайдаланылат.

СЕРЕ — 1) курут, мөмө-жемиш, күн карама ж. б. кургатылуучу көтөрүңкү бастырма. С. жерге орнотулган төрт түркүктөн ж-а алардын баш жагына арчындаштырылып, бекитилген шыргыйлардан жасалып, үстүнө чий, чырпык, куурай же камыш төшөлөт. С-нин түш тарабынын ачык болушу жайылган персенин бат кургашы шарттайт. 2) Колдун төрт манжасынын (сөөмөйдөн чыпалакка чейинки) аралыгын билдирүүчү кеңдик чен.

СЕРЕКСИЯ — молдаван жүүм сорту. Тез өсөт. Бутагы саргыч же бозомук келип, кызгылт темгилдүү. Шара тилик жалбырактуу. Гүлү эки жыныстуу. Шиңгили тарамдама сүйрү, чоң же орт. Мөмөсү кара, сүйрү, кабыгы



1. Сопочани монастырынын чиркөөсү. 1264—65. 2. С. Жоржевич. Нови-Садедеги шаардык суу жүргүчү филтрлөөчү станция. 3. И. Антич, И. Распопович. Белграддагы азыркы иск-во музейи. 1965.



Е. Б. Серкебаев.



В. А. Серов.

жука. Ширелүү, таттуу, даамдуу. Түшүмү жогору. Кеч бышат. Жацысында желет, шампан-шараң жасалат. Кырг-нда Чүй өрөөнүндө өстүрүлөт.

СЕРЕНАДА (итал. sera — кечкуруун дегенден) — 1) аялга арналган ашыктык ыр; адатта жолугууга чакырган кайрыктарды камтыйт. 2) Вокалдык С. муноздогу жеке аспап, кээде аспаптык ансамбль үчүн пьеса. 3) Кассация, *дивертисмент* ж-а *ноктюрнга* тананташ цикддүү аспаптык ансамбль чыгармасы. 4) Оркестр м-н коштолуучу ыр. 17—18-к-да Европада пайда болуп, сарай салтанаттарына арналган. Опера м-н салтанаттуу *кантатага* жакындап кетет.

СЕРЖАНТ (лат. serviens — кызматчы) — СССРдин ж. б. көпчүлүк мамлекеттердин куралдуу күчтөрүндөгү аскердик наам. Россияда С. наамы 17-к-дан жацы куралган полктордо колдонулуп, 1798-жылга чейин сакталган. СССРде 1940-жылдан кенже С., сержант, ст. С. деген наамдар бар.

СЕРИЦИТ (лат. sericus — жибек сымал) — минерал, ак слюдалардын бир түрү. *Гидрослюдаларга* окшош келип, составында калий аз, SiO_2, MgO, H_2O арбын. Түссүз же жашыл, жибек сымал жылтырак. Негизинен гидротермдик өзгөрүүлөргө учураган интрузия ж-а метаморфизмделген тоо тектерде, серицит сланецинде, руда тулкуларынын чет-жакаларында кезигет.

СЕРИЯ (лат. series — катар) — 1) бир түрдүү же окшош белгилери бар предметтер. Техникада — бир үлгүдө жасалган буюмдардын, машиналардын же тетиктердин тобу. 2) Баалуу кагаздардын (акча белгилеринин, облигациялардын) же сан (чанда тамга) м-н белгиленген документтердин разряды, категориясы. 3) Кинофильмдин өз алдынча көрсөтүлүү болүгү.

СЕРКЕ, эркеч — бычмал эчки. Асыл тукум эмес эркек улактар 2—3 жумалыгында биттелет. С-нин орт. тирүү салм. 30—35 *кг,* кээси 40—45 *кг.* Сойгондо 48—50% эт ж-а ич май чыгат.

СЕРКЕБАЕВ Ермек Бекмухамедович (4. 7. 1926-ж. т., Петропавловск) — казак совет ырчысы (лирикалык баритон), СССР эл арт. (1959). 1958-жылдан КПСС мүчөсү. 1941-ж. Алматыдагы муз. окуу жайында (скрипка классы б-ча) окутан. 1951-ж. Алматы консерваториясын (А. М. Кургановдон ырдоо классы б-ча) бүткөн. 1947-жылдан Абай атн. Казак опера ж-а балет театрында солист. Негизги ролдору: Абай (А. Жубанов ж-а Хамиди, «Абай»), Кожогул, Амангелди (М. Түлөбаев, «Биржан менен Сара», «Амангелди»), Евгений Онегин, Мазепа (П. Чайковский, «Евгений Онегин», «Мазепа») ж. б. Камералык ж-а эстрадалык ырчы катары да таанымал. Чет өлкөлөрдө гастролдо болгон. СССР Жог. Советинде (7-шайл.), Казак ССР Жог. Советинде (8-шайл.) депутат. К. Байсеитова атн. Казак ССР мамл. сыйл. (1972) ж-а СССР мамл. сыйл. (1977) лауреаты. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Ахметова М., Ерзакович Б., Жубанов А. Советтик казак музыкасы, А., 1975; Кауфман Л., «Братья Ульяновы» на казахской сцене, «Музыкальная жизнь», 1970.

СЕРНЫЙ РУДНИК — Ош обл-нын Сузак р-нундагы Сузак айыл советине караштуу кыштак. «Москва» к-зунун аймагында. Когарт суусунун боюнда. Райондун борбору Сузактан 9 *км* түш.-батыш тарапта. Жалал-Абад т. ж. станциясынан 17 *км.* Калкы 974 (1977). Сегиз жылдык мектеп, үчүк ооруканасы бар. Кыштакка жакын жерде күкүрт кени жайгашкан. С. Р. 1887-ж. орношкон.

СЕРОВ Валентин Александрович [7 (19). 1. 1865, Петербург — 22. 11(5. 12). 1911, Москва] — орус живописчиси. Бала чагында И. Е. *Репинден* (Парижде ж-а Москвада), Петербург САда (1880—85) П. П. Чистяковдон таалим алган. С-дун алгачкы сүрөттөрүндө («Шабдалы кармаган кыз», 1887; «Күн нуру тийген кыз», 1888: экөө тең Третьяков гал.) жаштыкты, сулуулукту даңазалаган; жарыкты,



В. А. Серов. «Шабдалы кармаган кыз». 1887. Третьяков гал. Москва.

түстөрдү жөндөөдө, рефлекстердин татаал гармониясын берүүдө, аба кеңдигин каныктырууда, дүйнөнү көркөм кабылдоосунда орус *импрессионизминин* алгачкы белгилери байкалат. 1890-жылдардын башында адамды курч мүнөздеген (А. Мазини, 1890; Ф. Таманьо, 1891—93; К. Коровин, 1891; И. Левитан, 1893; Н. Лесков, 1894; Н. Римский-Корсаков, 1898 ж. б-дын портреттери, бардыгы Третьяков гал.), балдардын ыкласын чагылдырган («Балдар», 1899, Орус музейи; «Мика Морозов», 1901, Третьяков гал.), ал эми 1900-жылдардын ортосунда таланттын коомдук маанисин даңазалаган портреттерди (М. Горький, 1904; М. Н. Ермолова, 1905; Ф. И. Шаляпин, 1905 ж. б.), пейзаждарды («Октябрь. Домотканово», 1895, Третьяков гал.) тарткан. 1905—07-ж. сатиралык, кийин тарыхый темадагы, античный мифтердин негизиндеги сүрөттөрдү жараткан. С-дун мыкты чыг-лары — орус иск-восунун өзүнчө бир бийиктиги. 1897—1909-жылдан Москва живопись, ийчилик ж-а зодчийлик окуу жайында сабак берген.

СЕРОВ (1939-жылга чейин Надеждинск) — РСФСРдин Свердлов обл-ндагы шаар. Урал тоосунун чыгыш капталында. Т. ж. тоому. Калкы 104,6 миң (1979). Ферросплав, темирбетон, ремонттоо-мех. з-ддору, жыгач иштетүү комбинаты, ГРЭС, тамак-аш ө. ж. ишканалары иштейт. С. аркылуу Игрим — Нижний Тагил газ жүргүчү өтөт. Урал политех. ин-тунун ф-тети, металлургия техникуму, мед., пед. окуу жайлары, токой-тех. ж-а курулуш техникумунун бөлүмү бар. Драма театр, край таануу музейи иштейт. Шаар 1894-ж. металлургия з-дун курууга байланыштуу пайда болгон.

СЕРОДИАГНОСТИКА [лат. serum — сыворотка (кан сары суусу) ж-а *диагностика*] — адам, жаныбар ж-а өсүмдүк ооруларын аныктоо ыкмасы. С. сыворотkадагы *антителолордун* тиешелүү антигендер м-н реакцияга жөндөмдүүлүгүнө негизделген. Медицинада жугуштуу ж-а айрым жугушсуз ооруларды диагноздоо үчүн колдонулат. С-га биол. суюктуктагы (кан, заара ж. б.) ж-а ткандагы антигенди, бактерияны, вирусту ж. б. аныктоо кирет (к. *Серология*). Ветеринарияда С. малдын жугуштуу ооруларын диагноздоо үчүн колдонулуп, жугуштуу ооруларды клиникалык белгилери пайда боло электе аныктоого мүмкүндүк берет. Агглютинация, преципитация, комплементти бириктирүү ж. б. реакциялар пайдаланылат, көбүнчө аллергиялык реакциялар м-н да айкалыштырылат. Өсүмдүктө С. өсүмдүктүн ылдет козгогучтар м-н жабыркашын, ылдеттерге туруктуулугун, мите козу карын, бактерия, вирустардын түрүн аныктоо үчүн колдонулат. Ал диагностикалык сыворотканы колдонууга негизделген. С. ылдетти белгилери даана билинген, о. эле байкалбаган учурда да аныктоого мүмкүндүк берип, себүү ж-а кыйыштыруу үчүн таза материал тандоону жеңилдетет.

СЕРОЛОГИЯ (лат. serum — сыворотка — кан сары суусу ж-а *...логия*) — кан сыворотkасынын таасири (сапаты) ж-догу илим; *иммуноловияның*

кан сыворотkасынын *антитело* м-н *антигендин* өз ара аракетин изилдөөчү болүгү. С-лык реакция түз (эки компоненттүү) — агглютинация, пассивдүү гемагглютинация, преципитация ж-а кыйыр (үч компоненттүү) — нейтралдоо реакциясы (мис., микробду), гемагглютинацияны токтотуу реакциясы болуп айырмаланат. С-лык реакциялар ил. ж-а диагностикалык максат үчүн; кан куюу, кан группасын, белоктун түрүн ж-а өзгочөлүгүн аныктоодо пайдаланылат. С-лык изилдөөлөр, о. эле эпидемиологияда ж-а эпизоотологияда колдонулат. С-нын негизги максаттарынын бири — жог. спецификалуу диагностикалык ж-а дарылык сыворотка алуу ыкмасын иштеп чыгуу, алардын активдүүлүгүн текшерүү ж-а таасир кылуу механизмин аныктоо.

Ад.: Резникова Л. С., Эпштейн-Литвак Р. В., Леви М. И., Серологические методы исследования при диагностике инфекционных болезней, М., 1962.

СЕРОПРОФИЛАКТИКА [лат. serum — сыворотка (кан сары суусу) ж-а *профилактика*] — иммундуу сыворотkалардын жардамы м-н адамдын ж-а малдын жугуштуу ооруларын алдын алуу ыкмасы. С-да кыска мөөнөттүү (1—4 жума) пассивдүү иммунитет жаралат. Медицинада көбүнчө гаммаглобулиндер пайдаланылат. С. эпидемиялуу жердеги адамдарга (көк жөтөл, кызылча), травмада (селеймеге каршы), ит капканда (кутурмага каршы) ж-а кене чакканда (кене энцефалитине каршы) жүргүзүлөт. Пландуу С. жугуштуу гепатитке каршы өткөрүлөт. Ветеринарияда С. музоо колибактериозуна, торпоң паратифине ж. б-га каршы уюштурулат, к. *Иммунопрофилактика, Серотерапия.*

СЕРОТЕРАПИЯ [лат. serum — сыворотка (кан сары суусу) ж-а *терапия*] — адам ж-а мал ооруусун иммундуу сыворотkанын жардамы м-н дарылоо ыкмасы. Ал пассивдүү *иммунитетке* — сыворотkадагы *антителолор* (антитоксиндер) м-н микробдорду (токсиндерди) залалсыздандыруурга негизделген. С-да тазаланган ж-а концентрацияланган сыворотка — гаммаглобулиндер (гетерогендүү, гомологиялуу) колдонулат. Иммундуу сыворотkалар дифтерия, ботулизм, жылан чакканда, гамма-глобулин сасык түмоо, сибирь кулгунасы, селейме, чечек, лептоспироз ж. б. ооруларды дарылоо үчүн куюлат. Ветеринарияда иммундуу сыворотkалар м-н гаммаглобулин сибирь кулгунасын, уйдуң, койдун, чочконун геморрагиялык септицемиясын, козунун анаэробдуу дизентериясын, чочко тилмесин дарылоо үчүн пайдаланылат, к. *Иммунотерапия.*

СЕРОТОНИН, 5-окситриптамин — киши ж-а жаныбар ткандарында ж-а канында болуучу биол. активдүү зат; нерв системасынын медиатору. Биринчи жолу кристалл түрүндө буканын кан сары суусунан алынган (1947). С. көп өлчөмдө ичеги көңдөйлүүлөр, муунак буттуулар, жердесууда жашоочулардын уруларында ж-а өсүмдүктөрдө кездешет. Организмде С. триптофан аминокислотасынан синтезделет.

С. кан тамырлардын тонусуна күчтүү таасир этип, борб. нерв системасынын ишин, о. эле тамак сиңирүү, бөлүп чыгаруу, эндокрин ж. б. системаларды гумордук жөнгө салууга катышат. Организмдеги С. алмашуунун бузулушу жүрөк инфаркты, жара, айрым психикалык ж. б. ооруларды пайда кылат.

СЕРПАНТИН (лат. serpens — жылан дегенден) — 1) оюн-зоокто көпчүлүктүн үстүнө ыргытылчу түркүн түстүү ичке кагаз түрмөгү. 2) Тоо жолунун кыялай салынган ийри-буйру бөлүгү.

СЕРПЕНТИН (лат. serpens — жылан; өңү жыландын терисине окшош) — катмарлуу силикаттар классчасындагы минерал. Кристалл торчосунун деформацияланыш мүнөзүнө ж-а морфологиясына жараша С. үч негизги түргө ажырайт: майда кабырчыктуу, калдыркандуу — антигорит; ичке булалуу — хризотил; майда бүртүкчөлүү — лизардит. Өңү ак, сары, жашыл. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 2,5—3; салыштыр. салм. 2,5. С.-серпентинитти түзүүчү минерал. С. имараттарды кооздоо үчүн колдонулат.

СЕРПЕНТИНИТ, змеевик — метаморфизмделген тоо тек; ультранегиздүү тоо тектердин (гипербазиттердин) серпентинитташуусунан пайда болуп, *серпентин* тобундагы минералдардан турат. С. курулуш, жарым тунук түрү кооздук материал катары колдонулат.

СЕРПИЛГИЧТИК — персеге аракет кылган сыртқы күчтүн таасири токтогондо ал персенин көлөмү м-н формасынын (катуу перселердин) же көлөмүнүн (суюк ж-а газдын) баштапкы абалына келүү касиети. Мындай касиетке ээ болгон перселер серпилгич перселер деп аталат. Катуу перселерде молекулалар м-н атомдордун ортосундагы өз ара тартылыш ж-а түртүлүш күчтөр болгондуктан серпилгич деформация кезинде алардын көлөмү м-н коңо формасы да өзгөрөт. Газдарда көлөмдүк С. молекулалардын жылуулук ыймылы м-н шартталат. Серпилгич деформация кезинде персенин өлчөмүнүн өзгөрүшү ага аракет этүүчү күчкө пропорциялаш, к. *Гук закону.*

СЕРПИЛГИЧТИК МОДУЛУ — материалдын серпилгич касиеттерин мүнөздөөчү чоңдук. *Гук закону* аткарылып, деформациясы аз, б. а. чыңалуу м-н деформациянын ортосунда сызыктуу көз карандылык болгондо С. м.— ал чоңдуктардын катышындагы пропорциялаш коэффициент. Ал огу б-ча созулуудагы-кысылуудагы (Юнг модулу, нормалдуу серпилгичтик модулу), жылышуудагы (жылышуу модулу), бардык жагынан кысылуудагы (көлөмдүк серпилгичтик модулу) С. м. болуп айырмаланат. С. м. материалдын бекемдигин, деформацияга каршылыгын, туруктуулугун эсептөөдө, о. эле атомдордун ортосундагы байланыш чени катары колдонулат.

СЕРПИЛГИЧТИК ТЕОРИЯСЫ—*туташ чөйрө механикасынын* бир болүмү; ал сыртқы күчтүн, жог. темп-рачын өзгөрүшүнөн ж. б. себептин натыйжасында серпилгич катуу перселердин деформациясын изилдейт. С. т. машинанын, курулманын болүктөрүнүн бекемдигин, туруктуулугун ил. эсептөөчү жалпы теориялык негиз болуп эсептелет. С. т-нын негизи — серпилгичтиктин физ. закондору (к. *Серпилгичтик).* Нерсенин структуралык элементтери (мис., металлда кристалл бүртүкчөсү) нерсеге салыштырганда өтө кичине болгондуктан серпилгич чөйрө (нерсе) туташ ж-а үзгүлтүксүз деп каралат. С. т. сейсмология, инженердик курулмалар, чыңалууну, деформацияны эсептоо, машина куруу ж. б-ларда колдонулат.

СЕРПИЛГИЧ ТОЛКУНДАР — серпилгич чөйрөдө таралуучу мех. дүүлүгүүлөр (деформация). С. т. чөйрөнүн физ. касиетине жараша белгилүү ылдамдыктагы серпилгич деформациянын энергиясы м-н коштолуп таралат. Ал перселер бири бири м-н катылышканда, жарылууда, жер титиреөдө ж. б. пайда болот. Чектелбеген бир текттүү изотропиялуу серпилгич чөйрөдө мех. дүүлүгүү 2 түрдүү С. т-ды: 1) көлөмү улам өзгөрүүчү кеңейүү толкундарын ж-а 2) көлөмү өзгөрбөстөн, формасы өзгөргөн куюндуу же жылуучу толкундарды таратат. Бул толкундун таралуу ылдамдыгы кеңейүү толкундукунан аз. Жалпак (же сфералык) кеңейүү толкунда болүкчөлөрдүн кыймыл багыты С. т-дын таралуу багытына дал келет да, ал толкун узата толкун делет. Жалпак куюндуу толкунда болүкчөлөрдүн кыймыл багыты С. т-дын таралуу багытына перпендикуляр болуп, туураажын толкун деп аталат.

СЕРПИЛМЕ ДЕФОРМАЦИЯ — нерсеге сырттан таасир эткен күчтү токтотkондо ал нерсени кайра алгачкы калыбына келтирүүчү *деформация.* С. д. бардык катуу заттын касиеттеринин бири. Адатта С. д. катуу перселер үчүн өте кичине. С. д. чоңдугу атайын даярдалган билдиргичтерди колдонуу, нерсенин түзүлүшүн сүретkө тартып анализдөө жолдору м-н аныкталат. Ал техникада, өзгөчө курулушта ж-а машина курууда өте маанилүү, к. *Серпилгичтик теориясы.*

СЕРПУХОВ—РСФСРдин Москва обл-дагы шаар. Ока д-нын жээгинде, Москва ш-нан 99 *км* түш. тарапта. Т. ж. станциясы, пристань. Калкы 140 миң (1979). Машина куруу, текстиль, химия, тамак-аш ө. ж. ишканалары иштейт. Шаарда Бүткүл



З. Л. Серый.



И. М. Сеченов.

союздук текстиль материалдары, Мотор о. ж. ил. из. ин-ттары, машина куруу ж-а прибор куруу, соода техникумдары, тарых-көркөм музейи бар. С. 1339-жылдан белгилүү.

СЕРТИФИКАТ (франц. certificat — күбөлөндүрөмүн) — 1) кандайдыр бир фактыны күбөлөндүрүүчү документ (мис., кемени деңизде жүрүшү ж-де С., чет мамлекетке жөнөөрдө мед. өмдөөдөн өткөндүгү ж-де С. ж. б.). 2) Мамл. заёмдордун облигациясынын аталышы. Мис., СССРде Эмгек сактык кассаларынын С-ы (1927). 3) Камсыздандыруу С-ы — камсыздандыруу келишиминин шартын көрсөтүп, камсыздандыруу полисин алмаштыруучу документ. 4) Тышкы соода ишинде сапат С-ы — компетенттүү орган тарабынан товардын сапатын күбөлөндүрүүчү документ (СССРде Соода-о. ж. палатасы берет).

СЕРЫЙ Зосим Львович (30. 11. 1916, Одесса ш.— 9. 2. 1977, Кара-Көл ш., Ош обл.) — Соц. Эмг. Баатыры (1976). 1948-жылдан КПСС мүчөсү. 1940-ж. Киев а. ч-ны механикалаштыруу ж-а электрлештирүү ин-тун бүткөн. В. И. Ленин атн., Днепр, Горький ж-а Кременчуг ГЭСтеринде иштеген. 1963-жылдан «Нарын гидрострой» башкармасынын начальниги. 9-беш жылдыктын тапшырмаларын орундатууда өндүрүштүк көрүнүктүү ийгиликтерге жетишкен. КПССтин 25-, Кырг-н Компартиясынын 15, 16-съездерине делегат. Кырг-н КП БКнын мүчөсү (1965, 1976). Кыргыз ССР Жог. Советинин (7—9-шайл.) депутаты. Ленин ордени, Октябрь Революциясы, 2 Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

СЕСПЕЛЬ Миши [Михаил Кузьмич Кузьмин; 4(16). 11. 1899, Казаккасы кыш., азыркы Чуваш АССРи, Канаш р-ну, Сеспель кыш.— 15. 6. 1922, Чернигов обл., Старогородка кыш.] — чуваш совет акыны. 1918-жылдан КПСС мүчөсү. Чуваш комсомолун уюштуруучулардын бири; Чуваш автономия обл-ныи ревтрибуналынын түзүүч пред-ли (1920—21). Чыг-лары 1917-жылдан жарыялана баштаган. Ырларында эмгек адамын, жаңы турмушту даңазалаган. Чуваш поэзиясына силлабика-тоникалык ыр түзүлүшүн киирген.

Чыг.: в рус. пер. — Стальная вера. Стихи, М., 1957.

Ад.: Сироткин М. Я., Очерки истории чувашской советской литературы, Чебоксары, 1956; Основоположник чувашской советской поэзии, «Уч. зап. Чуваш. НИИ», Чебоксары, 1971, в. 51.

СЕССИЯ (лат. sessio — заседание, отурум) — 1) эл аралык уюм, ил. конф-я, өкүлдүк орган ж. б. иштеген мезгили. СССРде Эл депутаттар советтеринин иш аракетинин негизги уюштуруукуктук формасы. С. чакыруунун милдеттүү саны ж-а мөөнөтү тийиштүү Советтер ж-дөгү жободо белгиленет. Мис., СССР Жог. Советинин кезектүү С-сы жылына 2, обл. (крайлык) советтердики 4 жолу чакырылат. 2) СССРде сот органдары көчмө С. өткөрүшөт (мис., кылмыш болгон жерде же күнөкөр иштеген мекемеде).

СЕТАРИОЗ — Setaria Viborg уруусундагы филярия пайда кылуучу малдын гельминтоз ылацы. Филярия (кыл курт) ичте, мээде, жүлүндө мителеп, сиркеси кан м-н айланып, малды жабыркатат. С. Европа, Азия, Африка, Америка өлкөлөрүндө—жылкы м-н уйда, Ы. Чыгышта, Түш. Азияда — койдо, тоолуу Алтайда, Ы. Чыгышта — маралда, бугуда кездешет. Ал ыландуу малдын каның соргон чымын-чиркей аркылуу тарайт. Клиникалык белгиси малдын гельминттен жабыркашына байланыштуу келет. Мис., малдын мээси м-н жүлүнү жабыркаганда арткы буту шал болуп, көк мээнин белгиси байкалат. Диагноз кандын лабор-ялык анализи б-ча ж-а мал өлүгүн текшерүү аркылуу коюлат. Дарылоо белгисиз. Алдын алуу — С-ду таратпоо чымын-чиркейден малды коргоо.

Ад.: Скрябин К. И., Петров А. М., Основы ветеринарной нематодологии, М., 1964.

СЕУЛ — Түш. Кореянын саясий, негизги экон. ж-а маданий борбору, шаар. Ханган д-нын жээгинде, Сары деңиздин 90 *км* аралыкта. Автомобиль ж-а т. ж. тоому, дарыя порту. Калкы 7,5 млн (1977). Тамак-аш ж-а текстиль о. ж. (негизинен кебез кездеме) башкы орунда. Электр-тех., металлургия, машина куруу, химия, полиграфия, кагаз, тери ж. б. о. ж. тармактары да өнүгүүдө. Ун-т, театр ж-а хореография ин-ттары, Улуттук иск-во академиясы, ил. мекемелер, музейлер бар. С. о. кылымдын башында аскер чеби катары негизделген.

СЕФЕВИЛЕР — 1502—1736-ж. Жакынкы ж-а О. Чыгыштагы мамлекетти башкаруучулар династиясы. Аны Сефи ад-дин Искактын (династиянын аты ушундан) уулу Исмаил I (1502—24) негиздеген. С. мамлекетинин составына Иран, Азерб-н, Арменияның бир бөлүгү, азыркы Афг-ндын басымдуу аймагы, Ирак ж. б. кирип, алгач борбору Тебриз (Азерб-н) болгон. Анда дыйканчылык кеңири өөрчүгөн. Мамл. дини исламдын *шиизми* болгон. Династиянын салыкты көбөйтүшүнөн элдик көтөрүлүштөр чыккан (1570—71-ж. Гилянда, 1571—73-ж. Тебриздеги ж. б.). С. Осмон империясы, өзбек хандары м-н согушун турган. С-дин шахтары азербайжан урууларынын ак сөөктөрүнө, Аббас Iден (1587—1629-ж. башкарган, аның убагында мамлекет өтө гүлдөгөн) баштап перс ак сөөктөрүнө таянган. 18-к-дан начарлай баштаган С. мамлекети 1721—22-ж. Иранга басып кирген афган көчмөндөрүнүн соккусунан кулаган (1736).


СЕЧЕНОВ Иван Михайлович [1(13). 8. 1829, Тёплый Стан кыш., азыркы Горький обл., Сеченов кыш. — 2(15). 11. 1905, Москва] — орус окумуштуусу, физиологияны ж-а ил. психологияны негиздөөчү; Петербург ИАнын ардактуу акад. (1904; корр. мүчө, 1869). Петербургдагы Башкы инженер окуу жайын (1848) ж-а Москва ун-тинин мед. ф-тетин бүткөн (1856). 1856—59-ж. Ф. Хоппе-Зейлер (Берлин), О. Функе (Лейпциг), К. Людвиг (Вена) ж. б. чет өлкөлүк окумуштуулардын лабор-яларында иштеген. 1860—70-ж. Петербургдагы Мед.-хирургия академиясынын, 1871—76-ж. Новороссийск ун-тинин (Одесса), 1876—88-ж. Петербург ун-тинин физиология кафедраларына башчы, 1891-жылдан Москва ун-тинин проф. «Жаныбарлар электри жөнүндө» деген лекцияларды үчүн Петербург ИАнын Демидов сыйлыгын алган (1863). Бернардын лабор-ясында мээнин тормоздоочу борборлорун ачып, аның негизинде «Мээнин рефлекстери» (1863), «Нерв системасынын физиологиясы» (1866) китептерин жазган. Чет өлкөлүк илимпоздордун эмгектерин орусчага которгон ж-а кормолорду редакторлогон. С-дун окуусу б-ча сезимдүү ж-а сезимсиз жашоо аракеттер рефлекс аркылуу өтөт. С. рефлекстик нерв ишинин негизги закону деп каран, психикалык татаал кубулуштун негизин физиол. процесстер түзөт деген ойго келген. С. психикалык аракеттер мээнин функциясы деген матер. түшүнүктү айткан. Аның эмгектеринде ойлоо проблемасы көрүнүктүү орун ээлейт. С. тормоздолуу процесси козголуу сыяктуу эле нерв ишинин негизги процесси экенин көрсөткөн. С-дун эмгектери Россияда табият таануу ж-а матер.-филос. ойлордун өсүшүнө прогрессчил чоң таасир тийгизген. С-дун туулган жеринде эстелик коюлган, 1-Москва мед. ин-ту, СССР ИАнын Эволюциялык физиология ж-а биохимия ин-ту, СССРдин физиол. журналы аның ысмында. СССР ИАнын С. атн. сыйлыгы ар үч жылда физиология б-ча эң мыкты ил. изилдөөчүлөр үчүн сов. окумуштууларга ыйгарылат.

Эмг.: Избранные произведения, т. 1, М., 1952; Рефлексы головного мозга, М., 1961.

Ад.: Коштоянц Х. С., И. М. Сеченов, М., 1950; Ярошевский М. Г., Иван Михайлович Сеченов, Л., 1968.

СЕЧТЕР, Запорожье сечи — 16—18-к-да Днепрдин төмөнкү боюнда жашаган украина казактарынын коомдук-саясий ж-а аскердик уюмдары. Крым татарларынын ж-а поляк, литва феодалдарынын тынымсыз кол салуулары казактарды колуна курал алууга, чакан жыгач чептерди («шаарчаларды» — «сечтерди») куруугa аргасыз кылган. 16-к-дын 30-жылдары чачкын казак сечтери биригип, Запорожье сечин түзгөн. Жог. бийлик органы — Аскер радасында атаман, катчы, сот ж. б. шайланган. Бүткүл бийлик атамандын колунда болгон. Тактык ыдыроо процессинде С-деги казактар бай ж-а кедейге бөлүнгөн. С. татар-түрк баскынчыларына каршы күрөшүп, поляк пандарынын өзүүсүнө каршы чыккан дыйкан кавактар көтөрүлүштөрүнө, украин элинин бошт. күрөшүнө (1648—54) активдүү катышкан. С-дин казактары *Булавин көтөрүлүшүн (1707—09)* колдогон. 1709-ж. падыша өкмөтү С-ди Украинадагы антифеод. күрөштүн борбору катары жойгон. Запорожьеликтердин бир бөлүгү Крым хандыгынын аймагына өтүшкөн. 1734-ж. орус өкмөтүнүн уруксаты б-ча алар өз аймагына кайтып келип, жаңы сечь түзүшкөн. Запорожье сечинин казактарынын поляк ж-а украин феодалдарына, татар-түрк баскынчыларына каршы бошт. күрөшүнүн урматына Хортита а. 1965-ж. мамл. тарыхый-маданий корук деп жарыяланган.

СЕЯЛКА, сепкич — а. ч. ж-а токой өсүмдүктөрүнүн, чөптүн үрөнүн, минерал жер семирткичти айдоого бирдей тереңдикте сээп, бир калыпта көмгүч машина. Себүү ыкмасы б-ча С. үрөндү катарлап, чарчылап-чөнөктөп (к. *Жүгөрү сеялкасы*), чөнөктөп, пунктирлеп ж-а чачып сепме болуп бөлүнөт. Колдонулушу жагынан С-ның универсал ж-а атайын түрү чыгарылат. Универсал С. түрдүү өсүмдүк уругун, атайын С. бир түрдүү өсүмдүк уругун себүүгө ылайыкталат. Минерал жер семирткич чачуучу тетиктүү С. айкалыштырма С.



Сеялка-культиватор: *1* — үрөн челеги; *2* — сепкич аппарат; *3* — үрөн түтүгү; *4* — алдыңкы таяныч дөңгөлөк; *5* — калактуу жумшарткыч; *6* — тапталгыч; *7* — гидроцилиндр; *8* — жер семирткич чачкыч.

деп аталат. Сүйрөө ыгы б-ча трактор С., ат С. ж-а кол С. болот. СССРде трактор С. гана чыгарылат. С. 1—2 ящик же бир нече үрөн челекчеси, себүүчү аппарат, тилгич, тегиздегич ж. б. тетиктерден турат. С-ның иштөөчү тетиктери аның дөңгөлөгүнөн чынжырлуу ж-а шестерналуу кыймыл өткөргүч аркылуу аракетке келтирилет. Чет өлкөлүк С. технология процесстери б-ча СССРде чыгарылуучу С-га окшош. СССРде үрөн себүү үчүн соко С., культиватор С., жумшарткыч С. чыгарылат. Кырг-ндын колхоз-совхоздору 1977-ж. 1464 трактор С. алган. Реси-канын а. ч-нда С-ның жаңы маркаларынан кууш катарлуу чиркеме СЗУ-3,8 дан С-сы, СКНК-8, СКНК-6 асма, айкалыштырма жүгөрү С-сы колдонулууда.

Ад.: Кудрявцев Н. Е., Айыл чарба машиналары боюнча өндүрүштүк практикум, Фр., 1970.

СЕГУНДУК — феод. Япониядагы сёгундардын (кол башчылардын) өкмөтү (1192—1867), феодалдар диктатурасынын саясий формасы. Феодалдар С-ту дыйкан кыймылдарын басуу, буржуазияга каршы күрөшүү үчүн пайдаланган. Ошол эле учурда экономикасы начар князьдыктарды да көзөмөлдөп турган. С. учурунда админ. бийликти аскер сословиелери жүргүзүп, закон чыгаруучу ж-а аткаруучу бийлик, админ. ж-а аскер органдары бири биринен ажыраган эмес.

СИ — музыка добуштарынын бири. Диатоникалык до-мажор үн преттеринин 7-баскычы. С. добушунун тамгалай белгиси — латынча H.

СИАМ — тай урууларын 11—12-к-да чыгыш көшулары атаган ат. Кийинчерээк Таиланддын азыркы аймагы да С. аталып кеткен. Сөздүн так этимологиясы белгисиз. 16-к-дан бул ат малайлар тили аркылуу европ. тилдерге өткөн. Тай королдугу (Таиланд) европ. мамлекеттер м-н мамилелешүүдө (1939-жылга чейин ж-а 1945-ж. сент.— 1948-ж. августа) өзүнүн ушул атын колдонгон.

СИАМДЫКТАР — Таиланд (Сиам) калкынын 1939-жылга чейинки аталышы, к. *Кхон-тай*.

СИАНЬ — Кытайдагы шаар. Шэньси провинциясынын админ. борбору. Автомобиль ж-а т. ж. тоому. Калкы 2,5 млн (1973). Машина куруу (станок, а. ч. ж-а текстиль машиналары, бургулоо ишине жабдуу, электр жабдуу ж-а прибор, автомобиль, трактор), кара металлургия, химия (минерал жер семирткич, пластмасса ж. б.) ж-а текстиль (кытайдагы эң ири текстиль комбинаты ж. б.) о. ж. ишканалары иштейт. Фарфор буюмдарын чыгарат. Ун-т ж. б. жог. окуу жайлары бар. С.—Кытайдагы байыркы шаарлардын бири. Аймагын неолит доорунда жер иштеткен уруулар мекендеген. Кийинчерээк бул жерде Чжоу этнос жалпылыгы түзүлгөн. Чжоу мезгилинде (б. з. ч. 1027—249-ж.) азыркы С-га жакын жерде байыркы борбор шаарлар — Хао ж-а Фэн, б. з. ч. 202-ж. Хань империясынын борбору Чаньань, б. з. 583-ж. азыркы С-дын ордунда Кытайдын жаңы борбору Дасин ш. негизделген. 10-к-да

экон., маданий борборлордун чыгышка которулушу м-н Дасин ш. өз маанисин жоготкон. 14—17-к-да Сианьдын округунун админ. борбору. Ошондон соң С. аталат.

СИБЕЛИУС Ян (8. 12. 1865, Хяменлинна, Тавастехус — 20. 9. 1957, Ярвенпя, Хельсинкиге жакын) — финн композитору, М. Вегелиустан (Хельсинкиде), А. Беккерден (Берлинде), Р. Фукс м-н К. Гольдмарктан (Венада) таалим алган. Фин элдик музыкасынын негизинде ири чыг-ларды (7 симфония, 14 симф. поэма, 1892—1929) жазган. Көрүнүктүүлөрү: «Калевала» эпосунун негизинде жазылган «Куллерво-симфония», «Лямминкяйнен» симф. цикли, «Финляндия», «Түндүк кызы», «Тапиола» симф. поэмалары, «Мекеним» баатырдык кантатасы, «Кара розалар», «Жолугуудан кайткан кыз» лирикалык романстары. Хельсинкиде 1950-жылдан ар жылы (июнда) «Сибелиус жумалыгы» фестивалы өткөрүлөт.

СИБИРЬ — СССРдин Түш. Азиядагы аймагы. Батыштан Урал тоолору, чыгыштан Тынч океанга жакын суу бөлгүч кырка тоолор, түндүктөн Түш. Муз океаны, түштүктөн Казак деңсөөлүү талаалары, МЭР ж-а Кытай м-н чектешет. Аянты 10 млн км²дей. С-де Бурят АССРи, Тува АССРи, Алтай ж-а Красноярск крайлары, Тюмень, Курган, Омь, Новосибирь, Томь, Кемеров, Иркут, Чита обл-тары (РСФСР) жайгашкан.

С-дин табияты ар түрдүү. Негизги табигый областтары — Батыш Сибирь түздүгү, Орто Сибирь бөксө тоосу, Түш. Сибирь ж-а Түн.-Чыгыш Сибирь тоолору. Түш. С-деги тоолор: Алтай, Батыш ж-а Чыгыш Саян тоолору, Тува АССРиндеги тоолор, Прибайкалье, Забайкалье. Түн.-Чыгыш С-гө Верхоян кырка тоосу, Колыма тайпак тоосу ж-а алардын ортосунда жаткан кырка ж-а бөксө тоолор, кеңири ойдундар кирет. С-дин климаты көп бөлүгүндө катаал, кескин континенттик. Кышы узак ж-а суук, январдын орт. темп-расы Батыш С. түздүгүнүн түштүгүндө —16...—20°С, Якут АССРинин чыгышында —40...—48°С (кээде —70°Сге жетет), июлдуку түн. четтеринде 5°С, Батыш С-дин талааларында 23°С. Жылдык жаан-чачыны түндүгүндө 100—250 *мм*, тайга зонасынын батышында 500—600 *мм*, Алтай тоолорунда 1000—2000 *мм*. Көп жылдык тоң кеңири тараган (жалпы аянты 6 млн км²). Дарыяларынын көбү (Обь, Енисей, Лена, Колыма, Индигирка ж. б.) Түн. Муз океанга куят. Көл көп, ирилери: Байкал, Таймыр, Чаны, Телец. С. арктикалык чөл, тундра, токойлуу тундра, токой (тайга), токойлуу талаа зоналарында жатат. Тундра ж-а токойлуу тундра зоналарында — мох, эңилчек, бадал өсүмдүктөрү, тайгада (зонанын туурасы айрым жерлеринде 2 миң *км*ге жетет) — пихта, карагай, сибирь кедри, даурия кызыл ка-

рагайы басымдуу. Тоолорунда ландшафт бийиктик б-ча өзгөрөт.

Калкы 25 359,5 миң (1970), көбү орустар (21 470 миң), украиндер (943,7 миң). Булардан башка ненец, чукча, ханты, манси, хакас, долган, бурят, эвенк ж. б. улуттар жашайт. Кен байлыктарга (көмүр, нефть, табигый газ, темир рудасы, алмаз, алтын, полиметалл, графит ж. б.) бай.

Тарыхы. С. аймагындагы байыркы адамдардын турак жайлары жог. палеолит ж-а неолит дооруна таандык. Б. з. 1-миң жылдыгынын 2-жарымынан С-де уруу союздары түзүлүп, алгачкы мамл. түзүлүштөр (Түрк каганаты, Енисейлик кыргыздардын мамлекети ж. б.) пайда болгон. 13-к-да С-дин басымдуу болугун монголдор каратkан. Алтын Ордо кулаган соң Батыш С-де Сибирь хандыгы орногон. 17-к-дын башында Батыш С., 19-к-дын ортосуна чейин бүткүл С. Россияга караган. Колон. өзүүгө карабастан С-дин Россияга кошулушу С. эли үчүн прогрессчил болгон. С. м-н Ы. Чыгышты изилдөө ж-а өздөштүрүүдө орус жер кезүүчүлөрү (17-к.) м-н илл. экспедициялардын (19-к.), 1581-ж. Ермактын жортуулун уюштыруучу комоктошкон Строганов копосторунун ролу зор. С-ге 1861-жылдагы реформадан кийин келгиндер көп келген. Падыша өкмөтү С-ди 17-к-дын аягынан саясий сургун жайына айландырган. Анда декабристтер, петрашевчилер, народниктер, кийин революциячыл марксчылар, 1897—1900-ж. В. И. Ленин да сүргүнгө болгон. Помещиктик жер ээлөөнүн жоктугу ж-а Сибирь т. ж-нун курулушу (1891—1905), С-де капитализмдин өнүгүшү м-н жумушчу табы калыптанып, РСДРПнин Сибирь союзу түзүлгөн (1901). Жумушчулар 1905—07-жылдагы рев-ияга активдүү катышкан. Краснояр м-н Читада куралдуу көтөрүлүштөр чыккан. 1910-ж. жумушчу кыймылы кайрадан жогорулап, Ленадагы атуудан (1912) кийин өтө күчөгөн. Совет бийлиги 1917-жылдын октябрынан 1918-жылдын февралына чейин орногон. 1918-ж. жазында С. м-н Ы. Чыгышта чет өлкөлүк интервенция башталып, ноябрда Колчактын диктатурасы орногон. Кызыл Армия м-н партизандар 1919-ж. Колчактын армиясын талкалап, 1920-ж. ак гвардиячыларды Забайкальеден куун, 1922-ж. ноябрда Ы. Чыгышты бошоткон. Совет бийлигинин жылдарында С. элдеринин экон.-маданий артта калуусу жоюлуп, Бурят, Якут, Тува автономия респ-калары, Тоолуу Алтай, Хакас автономия обл-тары, автономия округдар ж-а автономия райондор пайда болгон. С. илим ж-а жог. мад-тын крайына айланды. 1957-ж. СССР ИАнын С. бөлүмү түзүлүп, жаңы илл. мекемелер өсүп чыкты.

С-де металлургия, машина куруу, химия, целлюлоза-кагаз ж. б. ири ө. ж. ишканалар бар. Ири ГЭСтери: Братск, Новосибирск, Красноярск, Усть-Илим, Саян-Шуша ж. б.; ТЭЦтери: Назаров, Томь-Усин, Түш. Кузбасс ж. б. Түш. райондорунда дан чарбасы басымдуу (жалпы айдоо аянты 26,7 млн *га*; 1974). С-де 11 млн үй, 16 млн кой-эчки асыралат. Баалуу тери промысели өнүккөн. С-дин чарбасын, калкын ж. б. маалыматтарды к. *Батыш Сибирь нефть-газ аймагы, Батыш Сибирь экономикалык району, Чыгыш Сибирь экономикалык району.*

Ад.: Гвоздецкий Н. А., Михайлов Н. И., Физическая география СССР, [ч. 2] — Азиатская часть, М., 1970; Орлов Б. П., Сибирь сегодня; проблемы и решения, М., 1974; Экономические проблемы развития Сибири. Методологические проблемы развития и размещения производительных сил. Новосиб., 1974; Воробьев В. В., Формирование населения Восточной Сибири, Новосиб., 1975; История Сибири с древнейших времён до наших дней, т. 1—5, Л., 1968—69; Миллер Г. Ф., История Сибири, т. 1—2, М.—Л., 1937—41; Беляев И. К., Социалистическая индустриализация западной Сибири, Новосиб., 1958; В. И. Ленин и Сибирь. Библиогр. указатель, Томск, 1969.

СИБИРЬ КУЛГУНАСЫ, сибирь жарасы — жаныбарлар м-н адамдын жугуштуу оорусу. Козогучу Bacillus anthracis бир нече жыл топуракта жашоого жөндөмдүү ж-а 1 с кайнатканга чыдайт. Адам С. к-н ылдам мазды бакканда, сойгондо, аны этин тамак-ашка пайдаланганда, топурак ж-а суу аркылуу жуктуруп алат. С. к. көбүнчө териден, азыраак ичеги ж-а өпкөдөн кармайт. Териден кармаган формасында оору козгогуч айрылган тери, о. эле куртқумурска (көгөөн, ылаа ж. б.) чаккан жер аркылуу кирип, анда кызыл так пайда болот да, ыйлаакчага, ириңден жарага айланат. Дене ысып, бап ооруйт, шай кетет. Ичегиден ж-а өпкөдөн кармаганда адам 2—4 күн ичинде каза болот. Ооруп айыккандарда туруктуу иммунитет жаралат. Диагностика үчүн бактериол. метод ж-а териге аллергиялык байкоо жүргүзүлөт. Дарылоо: гамма-глобулин ж-а антибиотиктер. Профилактика: санитариялык-вет. ж-а карантин чараларын жүргүзүү. Дезинфекциялоо, адамдарга тирүү вакцина, антибиотик куюлат. Малдын С. к. септицемия түрүндө өтөт да, терининн астын сары суу, кан аралаш килкилдек басып, шишип кетет. С. к. СССРде өтө сейрек учурайт. Бага кой, эчки, уй, буйвол, жылкы, эшек, бугу, төө, чанда чочко, туяктуу жанайы айбанаттар чалдыгат. Инфекцияны дарттуу мал таратат, айрыкча аның өлүгү өтө коркунучтуу. Малга көбүнчө тоют, суу аркылуу жугат да, териден же карбункулёз түрүндө ж-а ичегиден кармайт. Карбункулёздо (ургундай жылкыда, уйда) ылаңдаткыч кирген жер жарааның, кийинчерээк башы, төшү, желинин шишип, жараат чыгат. Ичегиден кармаганда уйдун ичи көөп, жылкы жаталактайт, ичи кан аралаш өтөт. Дарт тез, создукма, өнөкөт түрүндө болот. Ооруп айыккан малда туруктуу иммунитет пайда болот. Диагноз клиникалык, эпизоотологиялык маалыматтардын, лабор-ялык изилдөөлөрдүн негизинде коюлат. С. к-на шектүү малдын өлүгүн союуга тыюу салынат. Дарылоо: гипериммундуу С. к-на каршы сыворотка куюу. Профилактика ж-а күрөшүү чаралары: дарт чыккан пунктта санитариялык-вет. чаралар жүргүзүлөт. Карантин коюлат, дарттуу малды болуп, дарылайт, малдын өлүгүн өрттөйт, кыртышты коцторуп, дезинфекциялайт.

Ад.: Сибирская язва, М., 1970.

СИБИРЬ ПЛАТФОРМАСЫ — Түн. Азиянын ортоцку бөлүгүнөн орун алган байыркы (рифейге чейинки) ири *платформа*. Батыш чеги Енисей д., түндүгү Бырранга тоосунун түш. этеги, чыгышы Лена д-нын төмөнку агымы, түштүгү Становой ж-а Яблоновый тоолору, Байкал көлүнүн түш. чети м-н чектешет. Платформанын фундаменти архей ж-а протерозой замандарында пайда болгон кристаллдашкан сланец, амфиболит, чарнокит, мрамор ж. б. тектерден түзүлгөн. Анабар массивинде, Оленек көкисинде, Алдан калканында, Байкал боюнда, Чыгыш Саян четки көкисинде ж-а Канск урчугунда фундамент бир аз көтөрүлүп жер бетине чыгат. Калган бөлүгүн кембрийден антропогенге чейин пайда болгон түздүү чөкмө тектер жаап жатат. Чөкмө тектердин калыңд. 10—12 *км*ге жетет. Платформанын Мохоровичич чегине чейинки жалпы калыңд. 28—30 *км*ден Вилюй ж-а Тунгус синеклизаларында 40—45 *км*ге чейин (Алдан калканында). Платформанын фундаментинде темир, слюда, пьезокварц, анатиттин кендери белгилүү. Үстүцкү чөкмө тектер м-н көмүрдүн (Лена, Тунгус, Иркут көмүр бассейндери), нефть ж-а газдын, таш туз, гипс, темирдин кендери байланышуу, О. эле алтын кен чачындысы, фосфорит, марганец, никель, жез, графит ж-а алмаз кендери табылган.

Ад.: Зайцев Н. С., Сибирская платформа, в кн.: Тектоника нефтеносных областей, т. 2, М., 1958; Спижарский Т. Н., Сибирская платформа, ее возникновение и история развития, в сб.: Вопросы сравнительный тектоники древних платформ, М., 1964.

СИБИРЬ ХАНДЫГЫ, Сибирь падышалыгы — 15—16-к-дагы Батыш Сибирдеги феод. мамлекет. *Алтын орда* кулагандан кийин Тоболь, Обь, Иртыш д-ларынын алаптарында калыптанган. 16-к-дын башына чейин борбору — Чингил Тура (азыркы Тюмень), кийин Кашлык. Негизги калкы — сибирь татарлары аталган түрк тилдеринде сүйлөгөн уруулар (кыпчак, аргын, карлук, найман, кацлы ж. б.). О. эле С. х-нын аймагын ханты, манси ж. б. элдер да мекендеген. Көчмөн мал чарбачылык, аңчылык, балыкчылык м-н жан багышкан. С. х-нын башында Шейбанилер династиясынан феодалдар (мырза, бек, тархан) шайлаган хан турган. С. х. О. Азия, Ногой ордосу, Русь, Монголия, Казан хандыгы, Батыш Кытай м-н соода жүргүзүп турган. Феод. оз ара чыр-чатактардан ж-а түштүктөгү көчмөн уруулардын (ногой, өзбек, казак) чабуулдарынан улам С. х-ның көэ бир уруулары оз ыктыяры м-н Россиянын букаралыгына өткөн. 1555-ж. Едигер хан Москванын вассалы болгон. Бирок 1563-ж. бийликти Кучум тартып алып, Россияга каршы чыккан. 1582-ж. Кучумдун аскерлерини Ермактын отрядынан талкаланышы, хандыктын аймагында орус чептеринин (Тобольск, Тюмень ж. б.) курулушу аның Россияга кошулушун тездеткен.

Ад.: История Сибири с древнейших времен до наших дней, т. 1, Л., 1968.

СИВАШ, Чирик (Сасык) деңиз — Азов деңизинин батыш жээгиндеги майда булуңдар системасы. Уз. 112 *км*, аянты 2560 *км*². Азов деңизинен кууш (270 жерден 8 *км*ге чейин) кумдуу сайроон — Арабат Жебеси м-н болүнүп, Генический кысыгы аркылуу туташат. Жээги өөдүүу жантайыцкы, саздуу; жайында туз катмары м-н капталат.

СИВКОВ Григорий Флегонтович (10. 2. 1921-ж. т., азыркы Пермь обл., Кунгурский р-ну, Мартынов кыш.)— эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1944, 1945), аскер учкуч-штурман, инженер полковник (1956). 1943-жылдан КПСС мүчөсү. Аскер авиация мектебин (1940), Н. Е. Жуковский атн. инженердик Аскер-Аба академиясын бүткөн (1952). Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) Түш., Түн. Кавказ, Закавказ, 3-Украин фронтторунда салгылашып, учкучтан штурманга чейин жеткен. 240тан ашык согуштук учуш жасаган. Согуштан кийин ст. учкуч-сыпоочу, кийин окутуучулук ж-а ил. иште болгон. 1972-жылдан кафедра башчысы. Ленин ордени, 3 Кызыл Туу, 1-дараж. Ата Мекендик Согуш, Александр Невский, Кызыл Жылдыз ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

СИГМА-ФУНКЦИЯ—эллипстик функция теориясын түзгөндө К. *Вейерштрасс* киргизген бүтүн *трансцендент функция*. Төрт С.-ф-нын ичинен негизгиси $\sigma(z)=z\,\Pi_{m,n}\left(1-\frac{z}{w}\right)e^{\frac{z}{w}+\frac{z^2}{2w^2}}$, мында $w=2m\omega_1+2n\omega_2$, ω_1 ж-а ω_2 — катыштары чыныгы сан болбогон комплекстүү сандар, ал эми чексиз көбөйтүндүдө m ж-а n пол эмес бардык он ж-а терс сандар боло алат. $\sigma(z)$ функциясы аркылуу Вейерштрасстын дзета-функциясы $\xi(z)$ ж-а эллипстик $\rho(z)$ функциялары аныкталат:

$$\xi(z)=\frac{d}{dz}\log\sigma(z),\ \rho(z)=-\frac{d^2}{dz^2}\log\sigma(z).$$

С.-ф. *гэта-функция* м-н тыгыз байланышкан. Ар кандай эллипстик функциялар С.-ф-сы аркылуу рационалдуу туюнтулат.

СИГНАЛ (лат. signum — белги дегенден) — кандайдыр бир окуя, объектинин абалы ж-дө маалымат тапшыгыч же башкаруу командалар, кабарлар ж. б-лы берүүчү белги. физ. процесс же кубулуш. Топ С-дардын жардамы м-н өтө таталл. ар кандай окуяларды кандайдыр даражада түшүнүүгө болот. Өлүчүн түзүлүшү б-ча С. мех. (деформация. басымдын өзгөрүшү), жылдуулук (темп-рапын, жарыктын өзгөрүшү), электр (ток күчүнүн, чыналуунун өзгөрүшү), электр-магнит (радио толкундар), үн (акустикалык термелүү) ж. б. болуп бөлүнөт. С-дын колдонулушу кабар берүүнүн өзгочөлүгүнө, кедергинин деңгээлине ж-а мүнөзүнө, кабыл алуу ж-а берүү мүмкүндүгүнө байланыштуу. Билдирүүдөгү информация С-дардын бир же бир канча параметрлеринин (амплитуда, узактыгы, жыштык, фаза ж. б.) өзгөртүлүшү болуп эсептелет. С. аралыкка берүүгө, кабыл алууга, сактоого ж. б. ылайыкталып, ташылуучу информацияны өзгөртөй, бир түрдөн башка түргө өткөрүшү мүмкүн. Буга көмөкчү черткен күүгү магнит плёнкасына жазуу процесси ачык мисал болот. Көмөкчү нота тамгаларын көзү м-н көрөт (жарык С-ы) ж-а көмөкчүдөн кылын чертүү м-н (мех. С.) кылды түрдүү жыштыктагы акустикалык термелүүнү пайда кылуучу термелүү булагына айландырат (үн С-ы) да, андан чыккан үн микрофон м-н тизмектеги токтун күчүн өзгөртөт (электр С-ы); бул ток магнит боёкүнүн өзөгүндө өзгөрмө магнит талаасын индукциялайт (электр-магнит С-ы); бул талаа магнит лентасын кайра магниттөөнүн натыйжасында магнит жазуусу пайда болот.

Ад.: Полетаев И. А., Сигнал, М., 1958; Назаров М. В., Кувшинов Б. И., Попов О. В., Теория передачи сигналов, М., 1970.

СИГНАЛДАШТЫРУУ — көцүл бурдуруу, кабарлоо, буйрук берүү ж-а эки тараптуу сүйлөшүүлөрдү тейлөө максатында сигнал берүүгө ылайыкталган түзүлүштөр системасы ж-а шарттуу белгилер. С. көзгө көрүнмө, үндүү ж-а такт түрүндө, арналышы б-ча эскерткич, аварийлык, чакырма же издегич, текшерип-тескөөчү же оперативдүү ж-а сүйлөшмө болуп бөлүнөт. Сигналдык түзүлүштөр ж-а приборлор катары гелиограф, *жол белгилери жана пускамалары* кеме оттору, петард, *прожектор*, радиогидроакустикалык буй, радиозонд, радиомаяк, жол светофору, *семафор* ж. б. колдонулат. Сигналдык түзүлүштөр мех., гидравликалык, пневматикалык, электрдик ж-а радио системалар м-н иштетилет. С. автомобиль, т. ж. транспорттордо, авиацияда, энергетикада; өндүрүштө машиналардын, станоктордун абалын көрсөтүү, өндүрүш тапшырмасы м-н аның аткарылышынын жүрүшүн салыштыруу; жумуштун коопсуз шарттарын камсыз кылуу үчүн колдонулат.

СИГНАЛДЫК НУСКА — китеп, газета-журнал ж. б. басылманын биротоло даяр болгон биринчи нускасы. Ал отол басылманы даярдаган уюм акыркы жолу текшерип, тираждоого кол коюп үчүн чыгарылат.

СИГНАТУРА (лат. signo — көрсөтөм, белгилейм) (полиграфияда) — 1) китептин, журналдын ар бир басма табагынын биринчи бетине (төмөнкү сол бурчуна) коюлуучу ж-а аның үчүнчү бетине жылдызча м-н кайталануучу басма табактын катар номери. Ал бир басма табакты бүтөө ж-а жыйнактоо тууралыгын текшерүү үчүн колдонулат. 2) Литераның төмөнкү белүгүндөгү терилип жаткан сапта литераның туура жайгашканын текшерүүгө мүмкүндүк бере турганай тууралыгын жарым тегерек оюк.

СИГНАТУРА (математикада) — квадраттык форманын сандык мүнөздөмөсү. Чыныгы коэффициенттүү ар бир квадраттык форма өзгөрмөлөрдү кулбас (түрүн өзгөртпөс) сызыктуу өзгөртүп түзүү аркылуу төмөнкү түргө келтирилиши мүмкүн:

$$x_1^2+x_2^2+\ldots+x_p^2-y_1^2-y_2^2-\ldots-y_q^2$$

(*). Мында оң ж-а терс мүчөлөрүнүн сандарынын ортосундагы $p-q$ айырмасы квадраттык форманын С-сы деп аталат [p ж-а q сандарынын С-сы форманы (*) түргө келтирүүгө көз каранды эмес].

СИДЕРАЦИЯ — топуракта азот ж-а орг. затты көбөйтүп, күрдүүлүгүн арттыруу үчүн коктой өсүмдүктү жер семирткич катары жерге көмө айдоо. Терминди француз илимпозу Ж. Вилем (1824—97) киргизген. С. үчүн негизинен люпин, сераделла, кашка беде, беде, шалбаа буурчак, жер буурчак ж. б. чанактуу өсүмдүктөр эгилет. Алар айдалган ордуна, кээде чабылып башка жерге кеч күздө же эрте жазда көмүлөт. С-да топуракты кычкылдануудан азайып, ным өткөрүмдүүлүгү, буфердүүлүгү жакшырат. Пайдалуу микрофлораның активдүүлүгү жогорулайт. Айрыкча кумдак, чириндиси топуракты күрдүүлүгү артат. С. байыркы замандан Кытай, Индия, Индонезияда ж. б. өлкөлөрдө белгилүү. Россияда 1903-ж. Черниров губ-нда өсүмдүк көмө айдалган. Бул ыкма СССРдин кара топураксыз зоналарында, Белоруссия, Украина, О. Азия, Волга бою ж. б. жерлерде колдонулат. С-ны минерал жер семирткич м-н кошо пайдалануу натыйжалуу.

Ад.: Алексеев Е. К., Рубанов В. С., Довбан К. И., Зеленое удобрение, Минск, 1970.

СИДЕРИТ (гр. sideritis, sideros — темир дегенден), темир шпаты — карбонаттар классына кирүүчү минерал. Хим. формуласы $Fe[CO_3]$. Тригонал системасында кристалданат. Өңү саргыч, боз, бозомтук-жашыл, үболөнүүдө күрөң түскө өтөт. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 4,5; салыштыр. салм. 3,9. С. гидротерм, седиментогендик-а метаморфизм процесстеринде пайда болот. Үболөнүүдө ж-а кычкылдануудa С-тен гидрогётит же гидрогематит пайда болот. С.— темир рудаларынын баалуу минералдарынын бири.

СИДЕРОЗ (гр. sideros — темир) — *пневмокониоздор* тобундагы оору. Анда өпкөгө темирдуу чан чогот.

СИДЕРОФИЛЬ ЭЛЕМЕНТТЕРИ (гр. sideros — темир ж-а philéo — сүйлөм) — Д. И. Менделеевдин мезгилдик системасынын VIII тобуна (3d—5d) кирүүчү хим. элементтер. Алар-га Fe, Co, Ni, Ru, Rh, Pd, Os, Ir, Pt кирет. С. э. жер кыртышында же нукура (самородок) түрүндө (нукура платина, осмо ридийи), же жөнөкөй валенттүүлүктө бирикмелер түрүндө кезигет. С. э-нин жер кыртышында көп таралганы Fe, азы Ni м-н Co, калгандары төмөнкү кларк м-н мүнөздөлөт.



Д. М. Сидлер.



В. И. Сидоров.

СИДЛЕР Давид Мордкович (14. 3. 1905-ж. т., Тульчин ш.) — Даңк орденинин толук кавалери. 1926-жылдан КПСС мүчөсү. Сов. Армияга 1942-ж. Фрунзе ш-дык аскер комиссариатынан чакырылган. Түш.-Батыш, 3-Украин ж-а 1-Белорус фронтторунда салгылашкан. Украинаны ж-а Варшаваны бошотууга, Берлинди алууга катышкан. Висла д-нан өтүүдө плацдарм үчүн болгон согуштагы эрдиги үчүн 3-дараж. (18. 9. 1944), Мариамполь ш-ның жанындагы дуппамандын коргонуусун бузуудагы эрдиги үчүн 2-дараж. (26. 3. 1945), Берлинди алуудагы эрдиги үчүн 1-дараж. (15. 5. 1946) Даңк ордени м-н сыйланган. С. медалдар м-н да сыйланган. С. азыр пенсияда, Днепропетровск ш-нда жашайт.

СИДНЕЙ, Сидни — Австралия Союзундагы шаар. Олконун соода ж-а финансы борбору. Порт-Жаксон булуңунун жээгинде. Жаңы Түш. Уэльс штатынын админ. борбору. Порт, маанилүү жолдор тоому. Шаарга жакын эл аралык маанидеги аэропорту бар. Калкы 2913 миң (1976). С.—ири индустр. борбор. Транспорт, электр тех. машиналарын куруу, электроника жабдуулары, эсептөө машина, мүздаткыч ж. б. э-ддору өндүрөт. Кара ж-а түстүү металлургия, текстиль, тамак-аш, полиграфия ж. б. о. ж.



Сидней ш-ның бир көрүнүшү.

өнүккөн. Шаарда ун-т, Мамл. консерватория, колдонмо өнөрдүн Улуттук мектеби, түрдүү маданий ж-а ил. мекемелер бар. С. 1788-ж. негизделген.

СИДОРЕНКО Александр Васильевич [6(19). 10. 1917-ж. т., Новониколаевка қыш., азыркы Ворошиловград обл.]— сов. геолог, мамл., парт. иштер, СССР ИАның акад. (1966; корр. мүчө, 1953). 1942-жылдан КПСС мүчөсү. Воронеж ун-тин бүткөн (1940). 1943—50-ж. СССР ИАның Түркмөн филиалында ил. кызматкер. 1950—52-ж. СССР ИАның Кола филиалының президиумунун пред-лине орун басар, 1952—61-ж. пред-ль, 1961—62-ж. РСФСР Мин. Советинин ил. из. иштерин координациялоо б-ча мамл. комитеттин пред-лине биринчи орун басар, 1962—76-ж. СССР геология министри, 1976-жылдан СССР ИАның вице-президенти. Негизги ил. изилдөөлөрү чөлдүн геологиясы м-н геоморфологиясына арналган.

Партиянын 23—24-съездеринде КПСС БКнын мүчөлүгүнө кандидат. СССР Жог. Советинин (7—10-шайл.) депутаты, Лениндик сыйл. лауреаты (1966). Эки Ленин ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Эмг.: К вопросу о литологическом изучении метаморфических толщ. М.—Л., 1961 (совм. с О. И. Луйвой); Органическое вещество в осадочно-метаморфических породах докембрия, М., 1975 (совм. с С. А. Сидоренко).

СИДОРОВ Виктор Иванович (16. 1. 1930-ж. т., Ульянов обл., Базар-Сызган р-ну, Никулин қыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1970). 1961-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун өткүчүдөн баштаган. 1965-жылдан Кыргызстандагы тоо кен ишканаларынын биринде өткөөлчү, өткөөлчүлөр бригадасының бригадири болуп иштейт. 8-бет жылдыгы моонотүпөн мурда пйгиликтүү аткаргандыгы үчүн С. жетектеген бригада кен башкармасында 1-болуп «Коммунисттик эмгектин бригадасы» деген наамды жеңип алган. Ленин ордени, «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

СИЕНИТ (гр. Syene — Сиена, Байыркы Египеттин Суп ш-ның гр. аталышы, азыркы Асуан т.) — толук кристаллдашкан магма тоо теги. С-тин түзүүчү негизги минералдар: калийлүү талаа шпаты, плагиоклаз, роговая обманка, биотит, пироксен, чанда олпин. Кварц жокко эсе. С. составындагы түстүү минералдарга карай роговой обманкалуу, пироксендүү, слюдалуу, кварцтуу болуп ажыратылат. Өңү боз, кызгылтым, кызыл. Жер кыртышында боталит, лакколит, шток, тарам ж. б. түрүндө жайгашат. Составында кремнезём 55тен 65%ке чейин. Хим. составы б-ча нормалдуу (калий-натрийлүү) ж-а жогорку (натрийлүү) болуп болүнөт. Эгер составындагы кремнезём азайып, жогорку 12%тен жогору болсо, С-те нефелин (же башка фельдшпатоиддер — лейцит, содалит) пайда болуп, жогорку С. нефелиндүү С-ке өтөт. Жогорку С-тин составында кварц кездикпөсө, нордмаркит деп аталат. СССРде Урал, Каз-н, Кавказда кездери тараган. Кырг-нда Кызыл-Өмпөл, Сандык тоолорунда бар (к. *Кызыл-Өмпөл кени, Сандык кени*). С. *гранит* сыяктуу колдонулат.

СИЗИФ, Сисиф — байыркы грек мифологиясындагы шамалдардын башкаруучусу Эолдун баласы, Коринфтин күрүүчүсү ж-а анын падышасы. Өлгөндөн кийин С. Аидде (өлүүлөр падышалыгы) тоого таш түртүп чыгарууга мажбурланган; түртөөн ташы чокуга жакындаганда өле улам артка кулай берген. Оор, майпан чыпкас жумушту туюнтчу «сизиф мээнети», «сизиф ташы» деген ылакап ушундан калган. С-тин образы байыркы грек драматургиясында (Эсхилдин, Софоклдун, Еврипиддин сакталбаган чыг-ларында), жаңы заман ад-ттарында (А. Камю, Ф. Мерль) жана сүрөт өнөрүндө (Тициан) пайдаланылган.

СИЗОВ Геннадий Фёдорович [23, 1(5. 2). 1903-ж. т., азыркы Кострома обл., Красносельский р-ну, Жилин қыш.] — сов. мамлекеттик ж-а парт. ишмер. 1926-жылдан КПСС мүчөсү. Дыйкан үй-бүлөсүнөн. 1922—25-ж. Костромада жумушчу ф-тетте (рабфакта) окуган. К. А. Тимирязев атн. Москва а. ч. академиясын бүткөн (1930). 1930—33-ж. Москва сүт багытындагы мал чарба ин-тунун директору. 1933—41-ж. а. ч. б-ча парт. жооптуу иштерде. 1941—47-ж. Сов. Армияда. 1947—51-ж. совхоздор трестинин директору. 1951—54-ж. КПССтин Курган обкомунун а. ч. бөлүмүнүн башчысы, экинчи секретары. 1954—55-ж. Курган облаткомунун пред-ли. 1955—66-ж. КПССтин Курган обкомунун биринчи секретары (1963—64-ж. КПССтин Курган а. ч. обкомунун биринчи секретары). 1966-ж. апрелден КПСС Борб. Текшерүү комиссиясынын пред-ли. КПССтин 20—25-съездеринин делегаты, 1956—64-ж. КПСС БКнын мүчөлүгүнө кандидат. 1964—66-ж. КПСС БКнын мүчөсү. СССР Жог. Советинин (5—10-шайл.) депутаты. Эки Ленин ордени, Октябрь Революциясы, башка 5 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

СИЗИК — *бойрокто* иштелип, андан бөлүнүп сыртка чыгарылуучу суюктук (экскрет). Киши(ден бир суткада 1200—1600 *мл* С. бөлүнүп чыгат. Алы м-н организмден зат алмашуунун акырында пайда болгон керексиз заттар, суу чыгат. С-тин составында 96%ке жакын суу, 1,5% туз, 2,5% орг. заттар бар. Алар аның оздук салмагын түзөт. С-те кан плазмасындагыдай эле туздар (негизинен NaCl) ж-а калий, магний, аммоний сульфаттары, фосфаттары болот. Соо кишинин С-и саргыч келет, озунче жыты бар. Ага кан, ирик, белок ж. б. кошулса, түсү өзгөрөт.

СИЗИДИК АЦИДАМА ДАРЫЛАР, диуретиктер (гр. diureo — сизидин чыгарам) — организмден сизидикти көбөйтүп чыгарууну каражаттар. Алар тканлагы, сероздуу көңдөйлөрдөгү суюктукту азайтат. С. а. д. жүрөк-кан тамыр системасынын, боор, бөйрөк ооруларынын патыйжасында пайда болгон шишиктерде колдонулат. Алар бөйрөктүн өзүнө ж-а организмдин башка системалары аркылуу таасир этүүчү болуп болүнөт. Биринчисине меркузал, новурит, диакарб, дихлотиазид, лазикс ж. б., экинчисине аммоний хлориди, калий ацетаты, мочевина ж. б. кирет. С. а. д. катары айрым өсүмдүктөрдүн (мис., аюу кулак, талаа кырк мууну) мазыбы да колдонулат.

СИЗИДИК БӨЛҮП ЧЫГАРУУЧУ ОРГАНДАР — сизидик м-н суюну, минерал туздарды чыгарып, канда ж-а ткандарда сууну, тузду бир деңгээлде кармап туруучу органдар тобу: бөйрөк, сизидик чыгаруучу түтүкчөлөр, *табарсык*. заара каналы.

СИЗИДИК ЖОЛДОРУНУН ТАШТАРЫ — *сизидик бөлүп чыгаруучу органдарда* таш пайда болуу оорусу. Таштар бөйрөктө, сизидик чыгуучу түтүкчөлөрдө, табарсыкта, сизидик каналында пайда болушу мүмкүн. Табарсыкта ж-а түтүкчөлөрдө таш болсо, заара туттугат же токтоп-токтоп чыгат. к. *Бөйрөктүн таш оорусу*.

СИЗИДИК КИСЛОТАСЫ, 2, 6, 8-триоксипурин — түссүз кристалл, өрүү темп-расына жетпей ажырайт, сууда начар эрийт. С. к-н К. Шееле сизидиктин составынан тапкан. Ал эки формада (кетон ж-а еноль) кездешет. Туздарды пайда кылат. Ал аз санда ткандарда (мээ, боор, кан), о. эле сизидикте, сүт эмүүчүлөр м-н кишинин терисинде болот. Организмде айрым зат алмашуунун бузулушунда С. к. ж-а анын кычкыл туздары (ураттар) топтолот. С. к.—адам ж-а жаныбарлардын пурин (к. *Пурин негиздери*) м-н белок алмашуусунун акыркы продуктусу. С. к. куш кыгында ж-а бир катар өсүмдүктө болот. Ал — кофеинди синтездоодо баштапкы зат.

СИКЕЙРОС, Альфаро Сикейрос Хосе Давид (29. 12. 1898, Чиуауа — 6. 1. 1974, Куэрнавака) — мексика живописчиси ж-а графиги, мексика монументт живописи негиздөөчүлөрдүн бири; коомдук ишмер. Мехико ш-ндагы САда (1911) ж-а Санта-Анита мектебинде окуган (1913). С.—1924-жылдан Мексика компартиясынын жетекчилеринин бири, «Эль мундо» газетасының баш редактору. 20-жылдардын активдүү профсоюз ишмери, 1929-жылдан Мексика профсоюз конфедерациясының ген. секретары. 1932—36-ж. АКШда иштеп, Нью-Йорктө эксперимент өнөркана (1936) ачкан. Саясий ишмердиги үчүн 1960-ж. камалып, эл аралык коомчулуктун талабы м-н 1964-ж. бошотулган. СССР САның ардактуу мүчөсү (1967), «Элдер ортосунда тынчтыкты чыңдагаңы үчүн» Эл аралык Лениндик сыйл. лауреаты (1966). С-тун иск-восу идеялуулугу, экспрессиялуулугу, конкреттүүлүк м-н символдун эрин-аркак жүргөндүгү, скульптуралык формаларды, бир эле учурда түрдүү материалды (синтез, боёк, карана, мозаика ж. б.) пайдаланганды м-н айырмаланат. С-тун негизги чыг-ла-ры: Улуттук даярдоо мектебиндеги (1922—23), Асем өнөр сарайындагы (1945 ж-а 1950—51), ун-т ректоратындагы ж. б. дубал сүрөттөр, «Пролетардын эпеси» станковый сүрөтү (1929—30, Азыркы иск-во музейи, Нью-Йорк) ж. б.

Лд.: Воронина Т. С., Давид Альфаро Сикейрос, М., 1976.

СИКОЗ (гр. sýkosis — жара пайда болуу) — чачтын түбүнүн өнөкөт кайталанма сезгенишин. Стафилококк козгойт. Ага м-н көбүнчө нерв ж-а эндокрин системаларынын функциясы бузулуп же *ринит*, *коньюнктивит* м-н жабыркаган эркектер оорүйт. Ага терини кесип, чийип, тытып алуу ж. б. факторлор түртүк болот. Сакал, муруттун, кээде каш, чачтардын түбү ириңден, тегерегинде карталган жараат пайда болуп, андан ары жайылат. Карталган жердин асты сууланып, канайт, тери кычышып, дуулдайт. Дарылоодо *антибиотиктер, кан күюу*, жаралуу жерге *синтомицин* эмульсиясын сыйпоо ж. б. колдонулат. С-ду алдын алуу үчүн терини таза кармоо, ириңдүү процесстердин оз убагында дарылоо зарыл.

СИКОКУ — Япониядагы арал, Япон архипелагының түштүгүндө. Аянты 17 760 *км*, калкы 3,9 млн (1970). Түн.-чыгыш ж-а түш.-батыш жээктери булуң-буйтқалуу. Жапыз ж-а орто бийик (эң бийик жери 1981 *м*; Исидзути чокусу) тоолор басымдуу. Алар гранит, сланец, жанар тоо тектеринен турат. Климаты субтропиктик, муссондук. Жылдык жаан-чачыны 750—3000 *мм*. Дарыялары босоголуу, суусу мол. Канталдарын чер токой (эмен, пихта, криптомерия ж. б.) өсөлөт. Жез кени, бермет промысели бар. Башкы шаарлары: Мацуяма, Имабари, Ниихама, Такамацу, Токусима. Коти.

СИЛАНДАР (лат. Silicium — кремний) — кремнийдин суутек м-н болгон бирикмелери, жалпы формуласы Si_nH_{2n+2}. к. *Кремний суутектери*.

СИЛИКАГЕЛЬ — поликремний к-тасының кургатылган голдери, катуу гидрофилдүү сорбент. С. хим. составы б-ча — кремний кош кычкылы SiO_2. Ал кремний кош кычкылының өң майда тоголокчолорунан бирикken кен капиллярдуу түзүлүштө болот. С. майда ж-а чоң тешикчелүү болуп болүнөт. С. натрий же калий силикатына туз же күкүрт к-тасын таасир эттүдөн алынат. Алынган килкилдектеги майдалап, суу м-н жуун, кургатат. Ал суу, орг. эритикчердин буусун сордуруу үчүн *хроматографияда* ж. б. колдонулат.

СИЛИКАТ АЙНЕГИ — кремний кош кычкылының (SiO_2) негизинде *айнектен* алынган орг. эмес аморфтуу морт материал. Кремний кош кычкылы силикаттык *кварц айнегинде* 96—100%ке жетет. С. а-н ондурүүдө кварц кумуна айнектин өңүн бөлө үчүн *никель, кобальт, марганец, хромдун* бирикмелери, тунук С. а-н



Г. Ф. Сизов.



Д. Сикейрос.

жасоо үчүн церий, *неодим, мышьяк, калайдын* бирикмелери кошулат. С. а. ар кандай формада даярдалып, курулушта негизинен жасалгалоочу, кооздоочу, о. эле күндөн ж-а жылуулуктан сактоочу материал катары колдонулат.

СИЛИКАТТАР табияттагы (лат. silex — оттук таш) — кычкылтектүү кремнийдин ар кандай тектеги ж-а түзүлүштөгү комплекстүү аниондорунун хим. бирикмеси. Жер катмарынын 75%ин, магма тоо тектеринин 95%тен ашыгын түзөт. С-дын жаратылышта 500дөн ашык минералы белгилүү. Алардын тоо тектеди түзүүчү негизги минералдары: талаа шпаттары, кварц, пироксен, амфибол, биотит ж. б. Кычкылтектүү кремний тетраэдрдин бири-бири м-н жалгашуу мүнөзүнө карай 5 классчага бөлүнөт: кристаллдык структурасындагы SiO_4 тетраэдри болүнүп калган С., кристаллдык структурасындагы SiO_4 тетраэдри тобу м-н болүнүп калган С., кристаллдык түзүлүшүндөгү SiO_4 тетраэдри үзгүлтүксүз чынжыр түрүндө жалгашкан С., кристаллдык структурасындагы SiO_4 тетраэдри үзгүлтүксүз кабат түрүндө жалгашкан С., кристаллдык структурасындагы $(Si,Al)O_4$ тетраэдри үзгүлтүксүз үч өлчөмдүү каркастан турган С. С-дын 45%чеси моноклин, 20% ромб, 9% триклин, 7% тетраген, 10% тригон ж-а гексагон, 9% куб системаларында кристаллдашат. Өңү составындагы темирдин коңуна жараша жашыл, күрөң, кызыл, сары, көк ж. б. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 5,5—7. Салышт. салм. 2,5—3,5. С. магма тоо тектеринин кристаллдануу учурунда, метаморфизм, метасоматоз процесстеринде пайда болот. С-дын ири кристаллы пегматит кенинде кезигет. С-дын көбү кен байлыктардын ичиндеги баалуу сырьёлордон болуп саналат. Силикат минералдары литий, бериллий, чачыранды элементтер, силикат-никель ж. б. рудалары, о. эле руда эмес кен байлыктарды, асыл ж-а коош таштарды түзөт.

Лд.: Соболев В. С., Введение в минералогию силикатов, Львов, 1949; Белов Н. В., Кристаллохимия силикатов с крупными катионами, М., 1961.

СИЛИКОЗ (лат. silex — оттук таш) — кремнийдин эркин жүргөн кош кычкылы бар абада узак убакыт дем алуудан пайда болгон оору. Ал *кесип ооруларына* кирет. С. тоо-кен

ишинде, фарфор-фаянс, металлургия, машина куруу ө. ж-пда иштеген адамдарда көп кездешет. С. *пневмокониоздордун* ичинен эң оор өтөт. Башка ооруларга салыштырганда С-го туберкулёз кошулуп, силикотуберкулёзго айлануусу коркунучтуу.

СИЛИЦИДДЕР — кремнийдин металл ж-а айрым металл эместер м-н болгон хим. бирикмелери. С. хим. байланыштары б-ча ион-коваленттүү, коваленттүү ж-а металл сымал болуп бөлүнөт. Кремний металл атому м-н ион-коваленттүү, металл эмес м-н коваленттүү, өтмө металлдар м-н металл сымал байланыш түзөт. С. кремний күкүмү м-н тиешелүү металлдардын аралашмасын эритүү же бышыруудан металлдардын кычкылдарын Si, SiC ж. б. м-н ысытуудан алынат. Коваленттүү ж-а металл сымал С. жог. темп-ра, кычкылдануу ж. б-га туруктуу. Алар техниканын түрдүү тармактарында ысыкка чыдамдуу куймаларды, электр мештеринин ысыткычтарын ж. б. жасоодо колдонулат.

СИЛЛАБИКАЛЫК ЖАЗУУ, к. *Муун жазуу.*

СИЛЛАБИКАЛЫК ЫР ТҮЗҮЛҮШҮ — ыр түзүлүшүнүн муун өлчөмгө негизделген түрү, к. *Ыр түзүлүшү.*

СИЛЛАБИКА-ТОНИКАЛЫК ЫР ТҮЗҮЛҮШҮ — басымдуу ж-а басымсыз муундардын туруктуу кайталанышына негизделген тоникалык ыр түзүлүшүнүн бир түрү, к. *Ыр түзүлүшү.*

СИЛЛИМАНИТ (амер. илимпоз Б. Силлимандын ысымынан) — силикаттар классындагы минерал. Хим. формуласы $Al[AlSiO_5]$. *Ромб системасында* кристалланат. Өңү боз, ачык күрөң, жашыл сымал; айпек өңдүү жылтырайт. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 6,5—7,5; салышт. салм. 3,2. Жог. темп-рада (1545°Сге чейин ысытканда) муллит ж-а кремнезёмго айланат. С. чопо тектеринин региондук метаморфизмделишинде пайда болот. С-тен отко ж-а кислотага чыдамдуу жог. сапаттагы карапа идиштер жасалат.

СИЛЛОГИЗМ (гр. syllogismós — корутундулоо) — эки посылкасы ж-а корутундусу бир эле субъектилик — предикаттык структурага ээ дедукциялык ой корутундунун бир түрү. С. үч ой жүгүртүүдөн: чоң ж-а кичине посылкадан, корутундудан турат. С-дин классикалык мисалы «Бардык адамдар ажалдуу, бардык гректер адамдар, демек, бардык гректер ажалдуу». Ой жүгүртүү төрт формада болот: 1) жалпы ырастоочу, А тамгасы м-н белгиленет (ар кандай RQ болот); 2) жалпы тангыч, Е м-н белгиленет (ар кандай RQ болбойт); 3) айрым ырастагыч *I* м-н белгиленет (айрым RQ болот); 4) айрым тангыч, О м-н белгиленет (айрым RQ болбойт). Посылка корутундунун предикатын (чоң термин P) өз кучагына камтыса чоң, корутундунун субъектисин (кичине термин S) өз кучагына камтыса, кичине деп аталат. 2 посылкада бар, бирок корутундуда жок термин ортоңку (M) деп аталат. Аны ээлеген ордуна жараша С. 4 фигурага ээ болот: 1) M посылкалардын чоңунун субъектиси, кичинесинин предикаты; 2) M экөөнүн тең предикаты; 3) M экөөнүн тең субъектиси; 4) M чоңунун предикаты кичинесинин субъектиси. Силлогисттик ой жүгүртүүлөрдүн формаларына жараша С-дин көптөгөн модустары болот. Алардын саны ар бир фигурада — 64, жалпы — 256. Модустардын ичинен 19 туура, б. а. акыйкат посылкалардан акыйкат корутунду жасоону камсыз кылат: 1-фигурадан AAA, EAE, AII, EIO; 2-фигурадан EAE, AEE, EIO; AOO; 3-фигурадан AAI, AII, EAO, OAO, EIO; 4-фигурадан AEE, IAI, EAO, EIO (посылкалардын чоңун — 1-тамга, кичинесин 2-тамга, корутундуну 3-тамга билдирет).

«С.» терминин, о. эле кең мааниде башка түрдөгү сүйлөмдөрдөн жаралган ой корутундуларына карата колдонулат, мис., шарттуу, шарттуу-категориялык, ажыратма-категориялык, шарттуу-ажыратма С-дер бар. Кээде «С.» ой корутундулоонун синоними катары да колдонулат.

Ад.: Аристотель, Аналитики, первая и вторая, пер. с греч., Л., 1952; Субботин А. Л., Традиционная и современная формальная логика, М., 1969.

СИЛОС (исп. silo — дан сакталуучу жер төлө, ороо) — жерге көмүлүп, ачытуу жолу м-н даярдалган чыктуу тоют. Даярдалуучу сырьёго жараша жүгөрү, картошка, күн карама, жер буурчак, сулу С-у болуп айырмаланат. Ал сиңимдүүлүгү б-ча силостолуучу массага жакындап, анда каротин, С витамини сакталат, бир аз сууда эрүүчү кант, о. эле сүт (2%), уксус (0,6%че) к-талары, айрым С-то пропион, валериана ж. б. орг. к-талар кездешет. Силостоо технологиясы бузулса, С. туура эмес сакталса, май к-тасы бөлүнүп чыгат. С-тун тоюттук сапаттуулугу өсүмдүктүн түрүнө ж-а жыйноо учурундагы өсүү фазасына, даярдоо технологиясына, сактоо шартына жараша болот. 100 *кг* күн карама С-унда 16дай тоют бирдиги, 1,4 *кг* сиңимдүү протеин, 350 *г* кальций, 160 *г* фосфор ж-а 1500 *мг* каротин; 100 *кг* жүгөрү С-унда 20дай тоют бирдиги, 1,4 *кг* сиңимдүү протеин, 150 *г* кальций, 50 *г* фосфор, 1500 *мг* каротин; 100 *кг* беде С-унда 18 тоют бирдиги, 2,9 *кг* сиңимдүү протеин, 600 *г* кальций, 60 *г* фосфор ж-а 2500 *мг* каротин бар. Дурус С-тун өңү ачык күрөң, саргыч; дымыккан С. кара күрөң түстө болот. Жыты ачытылган капустанын, туздалган алманын, ал эми бузулганы сасыган балык же чыланын жытына окшош. С-тун структурасы кургак болууга тийиш, бузулганы нымдашып турат. Нымд. 70% сапаттуу С-тун суутек көрсөткүчү pH=4,2; 65%түүсүндө андан да жогору болушу мүмкүн.


С. м-н тоюттандыруу малдын тоют сиңирүшүн жакшыртып, башка тоютту, айрыкча кесек тоютту үнөмдөөгө көмөк берет. С. м-н бардык мал тоюттандырылат. Зоовет. нормага ылайык саан ж-а бордогу уйдун, койлордун рационундагы жалпы тоюттун 50%ин, чочконукунун 20%ин С. түзөт. Канаттуулардын рационунда С. аралаш тоюттан даярдалып, составында кызылча, сабиз, картошка, жүгөрү, буурчак, чамгыр ж. б. бар. С. малга көбүнчө кышкысын, кургакчыл райондордо жайкысын да берилет. Жел кирбегидей жакшы жабылган С. 20—25 жыл сакталат.

Ад. к. *Силостоо* макаласынан.

СИЛОС КОМБАЙНЫ — силостолуучу өсүмдүктү оруп, майдалап, транспортко жүктөгүч машина. Сенаж, көк тоют, чөп унун даярдоодо да пайдаланылат. С. к. төмөнкүчө иштейт: орулган өсүмдүктү мотовило транспортёрго жайгаштырат, андан шилөөчү аппаратка жеткирилет да, пыкталып, туурагыч аппаратка тиленет. Туурагыч аппаратта өсүмдүк тууралып, транспортёрго өткөрүлөт. СССРде чиркеме ж-а өзү жүрүүчү С. к. чыгарылат. 1977-ж. Кырг-ндын колхоз-совхоздору 401 жаңы С. к-н алган.

СИЛОС ӨСҮМДҮКТӨРҮ — силос массасын даярдоо үчүн атайын эгилүүчү өсүмдүктөр. Жүгөрү, судан чөбү, күн карама, жер алмуруту, сулу, тоют капустасы, буурчак — силос даярдоо үчүн мыкты сырьё. Бул өсүмдүктөр жог. түшүмдүүлүгү м-н айырмаланып, аларды жыйноо ж-а силостоо мех. жол м-н жүргүзүлүшү мүмкүн. С. ө-н өстүрүүдө көк массаны, көбүнчө жалбырактарды арбын алууга аракет кылынат. Ал үчүн жер семиртκичтерди арбын чачып, жерди агротех. эрежелердин негизинде иштетип, өз убагында сугаруу зарыл. Силостук массада ным 65%тен төмөн ж-а 75%тен жогору болууга тийиш эмес. Ошондуктан силостолуучу чыктуу массага — ашкабак, дарбыз, картошка, жалбырак, капуста ж. б-га кургак тоют — тууралган саман, чөп ж-а топон кошулат. Силостук масса майдаланып, нык төшөлүп, арасына аба кирбегендей тапталат.

С. ө-нүн эң маанилүүсү — жүгөрү. Силос үчүн жүгөрүнүн көктөй түшүмдүү сорттору айдалып, сапаттуу, сиңимдүү силос даярдоо үчүн даны чала дүмбүл кезинде чабылат. Өлкөнүн жүгөрү начар өскөн райондорунда күн караманын мол түшүмдүү ж-а ширелүү сорттору өстүрүлөт. Кырг-ндa силос айрыкча жүгөрүдөн ж-а беде, эспарцет, табигый чөптөн да даярдалат. Бул Нарын, Ысык-Көл обл-ныn чарбаларында кеңири орун алган. Жогорудагылардан тышкары ал тоют капустасынан, судан чөбүнөн, ит буурчактан, кызылчаның, картошканын, жашылчаның жалбырактарынан камдалат. С. ө-нүн түшүмдүүлүгү топурактын күрдүүлүгү-



Симбиоз макаласына. **1, 2** — эңилчектердин жара кесилиши; козу карындын гифтеринин арасындагы жашыл, көк жашыл балырлар; **3** — түктүү инфузория ж-а анын симбионту — бир клеткалуу балырлар; **4** — мите чыбырткычтын денесиндеги симбионт спирохеталар; **5** — рак ж-а актиния; **6** — шуру полип ж-а анын колониясында жашаган крабдар; **7** — голотурия ж-а анын ичегисинде жашаган балык.



Сойлоочулар макаласына. 1 — гюрза; 2 — жумуру баш кескелдирик; 3 — нил крокодили; 4 — сцинк геккону; 5 — питон; 6 — талаа таш бакасы; 7 — сокур жылан; 8 — гаттерия; 9 — кум жылан; 10 — суу жылан; 11 — кара чаар жылан; 12 — сары жылан; 13 — кескелдирик; 14 — эчки эмээр; 15 — талаа сур жыланы; 16 — калкан тумшук жылан; 17 — ок жылан.

не, агротех. ыкмаларды туура жүргүзүүгө, өсүмдүктүн биол. өзгөчөлүгүнө жараша болот.

Лб.: Однолетние кормовые культуры, под ред. М. П. Елсукова, М., 1967.

СИЛОСТОО, а ч ы т у у — тоютту абасыз консервалоо; чыктуу тоют даярдоодогу негизги ыкма. С. Европада 18-к-дан белгилүү. Россияда 19-к-дан баштап (кызылча жалбырагы ж-а тобу, кийинчерээк беде, жүгөрү, момо тамыр ж. б.) колдонулат. С. үчүн өсүмдүктү чабуу (же момо тамырды, бакча өсүмдүктөрүн ж. б. жыйноо), ташуу, майдалоо, силос ачкегине түшүрүү, тыгоо ж-а жабуу жумуштары аткарылат. Силостун үстү жылчыксыз жабылса, аэробдуу (абалуу чөйрөдө көбөйүүчү) бактериялар м-н козу карындын өөрчүшү токтолот, анда пайда болгон сүт к-тасы тоютту ачуудан, анаэробдуу (абасыз) чирүүдөн ж. б-дан сактайт. Сүт кычкыл бактерияларынын азыгы катары ширелүү тоют өсүмдүктөрүндөгү кант керектелет. Оңой силостолуучу өсүмдүктөргө жүгөрү, күн карама, бир ж-а көп жылдык дандуу өсүмдүктөр, алардын чанактуу өсүмдүктөр м-н аралашмасы, бакча өсүмдүктөрү ж. б., кыйындык м-н силостолуучуга чанактуу өсүмдүктөр, картошка сабагы ж. б., силостолбоочуларга чалкан, помидордун кычкыл жалбырагы, ашкабак ж. б. кирет да, С. процесси өсүмдүктүн түрүнө жараша жүргүзүлөт. Сырьёнун нымд. 75%тен ашпоого ж-а темп-расы 35—37°С болууга тийиш. Силос өтө ысып кетсе, өсүмдүктөгү азык заттар жоголуп, витаминдер бузулат. Өсүмдүк тууралып салынса, андан клетка мацызы арбын болуңуп, углеводду сүт кычкыл бактериялар жеңил ачытып, сүт к-тасы тез топтолот. Тууралган силосту башка тоют м-н аралаштырып берүүгө, ашкектен чыгарууга оңой болот. Өсүмдүк азык заттары толук, кок кезинде силостолот. Кырг-ндын чарбаларында силос м-н катар сенаж да даярдалат.

Лб.: Б е р е з о в с к и й А. А., Силосование кормов, М., 1969.

СИЛОСТУК КУРУЛУШ — силос толтуруу, сактоо үчүн курулган жай. Анын негизги максаты — силосту аба, суу кирүүдөн ж-а үшүктөн сактоо. С. к. траншея, мунара, ак түрүндө болот. СССРде көбүнчө траншея колдонулат. Ал дөңсөө, суу агып кетүүчү жерлерге транспорттук каражаттардын барышына ыңгайланып салынат. Кээде короо-сарайлардын жанына, тоют цехи же тоют ашканасы бар формада алардын жанына жайгаштырылат. Траншея жердин үстүнө, жерге капорто же биротоло киргизилип орнотулат. С. к-тун көлөмү ж-а конструкциясы силосту салуучу ж-а алуучу мех. каражаттарга, о. эле малдын санына ылайыкталат. Анын туурасы кемиңде транспорттук, басуучу, жүктөөчү машинанын 2 узундугуна барабар, бийик. 3 м-ден кем болбоого тийиш, узуну туурасынан кемиңде 2 эсе ашык, көлөмү 250—3000 *т*. Негизги курулуш материалдары: бетон, темир-бетон, кирпич, таш. Курулушка силостук тоюттун көк массасы толтурулгандан кийин үстү саман же аба киргизбөөчү целлофан плёнкалар м-н жабылат. Жаан суусун агызып үчүн траншеянын жанына арык казылат, машина өтө тургандай жол салынат.

Лб.: Нормы технологического проектирования силосохранилищ, М., 1965; Справочник зоотехника, 3 изд., ч. 2, М., 1969.

СИЛУМИН (лат. Silicium — кремний ж-а Aluminium — алюминий) — составында кремний (4—13%, кээ бир маркаларында 23%ке чейин) болгон алюминийден турган куйманын жалпы аты. Көчүлүгү алюминий м-н кремнийдин эритилген аралашмасынан алынат. Каалагандай технол. ж-а колдонулма касиеттеги С-ди алуу үчүн ага Cu, Mn, Mg, кай бирде Zn, Ti, Be ж. б. металлдар кошулат. С. куюлмалык ж-а мех. эң жакшы касиеттерге ээ болуп, бул жагынан Al — Cu системасындагы куюлма куймадан гана калышат. Артыкчылыгы — нымдуу ж-а деңиз атм-расында коррозияга абдан туруктуулугу. С. татаал конфигурациядагы тетиктерди даярдоодо, негизинен авто- ж-а авиакурууда колдонулат. СССРде С-дин АЛ2, АЛ4, АЛ9 ж. б. маркалары чыгарылат, к. *Алюминий куймасы.*


СИЛУР МЕЗГИЛИ (СИСТЕМАСЫ), с и л у р — палеозой заманының 3-геол. мезгили. Жер кыртышындагы тоо тек катмарынын палеозой тобундагы ордовик системасынан кийин девон системасынан мурда турат. 1835-ж. геолог Р. Мурчисон Улуу Британиянын (Уэльстин) аймагында өз алдынча системага 1-жолу бөлүп, жерг. силур уруусунун аты м-н атаган. С. м. 440 млн жыл мурда башталып, узактыгы 30 млн жылча созулган. Адегенде С. м. эки бөлүмгө — башталышы ордовик, аягы силур же готланд деп ажыратылган. Кийин, 1960-ж. Копенгагенде өткөн Эл аралык геол. конгресстин 21-сессиясында ордовик (к. *Ордовик мезгили*) өз алдынча мезгил (система) катары бөлүнгөн. Азыркы кезде С. м. 2 бөлүм, 4 яруска ажыратылат (к. таблица).

С. м-нде деңиз м-н континенттердин өз ара жайгашуусу, о. эле платформа м-н геосиниклиналдын чеги ордовик мезгилинде кандай болсо, ошол бойдон калган. Орус, Сибирь, Кытай, Түн. Америка платформаларын курчап жаткан *геосиниклиналь* обл-нда айрым ийилүүлөр ж-а көтөрүлүүлөр пайда боло баштаган. С. м-нин тоо тектери бардык материктерде кеңири тараган. Геосиниклиналь аймактарында граптолиттин ташка айланган калдыктары сакталган каралжын сланец, кумдук, кезектешип жайгашкан туфтар, жанар тоо брекчиялары, акиташ тектеринин калың катмарлары пайда болгон. Айрыкча эффузив тектери ири аймактарды ээлеген. Интрузия тектеринен граниттин ири массивдери кеңири өнүккөн. С. м-нин аягында *каледон буктолуусу* аяктайт. С. м-нде платформалар (Сибирь, Кытай ж. б.) төмөн чөгүп, аларды суу каптай баштаган. Өңдүктан мында чөкмө тектер (акиташ тегин, доломит, кумдук, чопо) көп, ал эми кремнийлүү ж-а жанар тоо тектери кезикпейт. С. м-нде жаныбарлар ж-а өсүмдүктөр дүйнөсү ордовик мезгилине караганда кескин өзгөрүүлөргө учураган. Жаныбарлардан пайи буттуулар (брахиоподдор) кеңири тараган. Моллюскалар, тентакулиттер ж-а толуп жаткан наутилоиделлардын жаңы түрлөрү чыккан. С. м-нде граптолиттердин жоюлуп ж-а көп бутактуу колониялары пайда болуп, алар абдан өөрчүгөн; омурткалуулардын эки тобу: жааксыздар ж-а балыктар жаралган. Өсүмдүктөрдөн балырлардын ар кандай түрлөрү пайда болгон. С. м-нин аягында кургакта өсүүчү алгачкы өсүмдүк — псилофиттер пайда болуп, алар суу жээктеринде өскөн. С. м-нин тоо тектеринде айрым баалуу кен байлыктар бар. Урал м-н Норвегиядагы чөкмө-жанар тоо тектерде жез ж-а колчедан рудалары бар. О. Азиядагы кремнийлүү катмарда марганец м-н фосфордун ири кендери кездешет. АКШда (Нью-Йорк ж-а Алабама штаттарында) темир кени белгилүү. С. м-нин тоо тектери Кырг-нда кеңири тараган, алар м-н марганецтин, ванадийдин ж-а полиметаллдын майда кендери байланыштуу (к. картасын 306-беттен).

Лб.: Стратиграфия СССР, [т. 5], Силурийская система, М., 1965; Б а н д а л е т о в С. М., Силур Казахстана, А.-А., 1969.

Силур системасынын стратиграфиялык схемасы (Кыргызстан)

Система	Бөлүм	Ярус	Свита
Силур — S	Үстүнкү — S_2	Пржидоль — S_2p (даунтон) — S_2d	Матча / Пулгон
		Лудлов — S_2ld	
	Астыңкы — S_1	Венлок — S_2w	
		Лландовери — S_1ln	Сөгөттү



рылган С. контрасттуу фондо контур м-н чектелген күүгүрт же ачык такты пайда кылат. С. өнөрү байыртан эле Кытай, Япония ж. б. Азия өлкөлөрүндө белгилүү болгон. Европага 18-к-да тараган. Германияда Ф. О. Рунге, А. Менцель, Россияда Ф. П. Толстой, Е. М. Бем, сов. доордо Е. С. Кругликова, Н. В. Ильин ж. б-лардын силуэт (кантал) портреттери, иллюстрация, натюрморттору кеңири белгилүү.

СИЛЬВИН — галогениддер классындагы минерал. Хим. формуласы KCl. *Куб системасында* кристалланат. Өңү сүттөй ак, тунук; катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 2; салыштыр. салм. 1,9—2,0; сууда жакшы эрийт; ото ачуу, туз даамдуу. С. туздуу көлдөрдүн буулануын соолушунан чөгүндү түрүндө пайда болот. Андан башка жанар тоо өзөгүнүн капталдарында, сууган жанар тоо тектеринин жаракаларында сублимация продукциясы катары да кезигет. С. медицинада, пиротехникада, фотографияда ж-а жүн тазалоодо, айнек ж-а кагаз өндүрүштөрүндө, а. ч-нда колдонулат.

СИМАБАР КӨТӨРҮЛҮШҮ — япон дыйкандардын эң ири козголоңу. 1637—38-ж. Симабар ж. а-нда (Нагасаки ш-на жакын жерде) ж-а Амакуса а-нда болгон. Феод. эзүүнүн күчөшүнөн чыккан. 16—17-к-да европ. миссионерлер кийире баштаган христиан диниң жактоо мүнөзүндө өткөн. С. к-н басууга 100 миң аскер жиберилип, Хара чебинде бекинген 38 миңдей адамды голландия ж-а кытай кеместорунун кемелеринде артиллериядан атышкан. Көтөрүлүшчүлөрдүн 100дөйү гана тирүү калган.

СИМБИОЗ (гр. sumbiosis — бирге жашоочулук) — эки организмдин (симбионттордун) биргелешип жашоосу. Ал эволюциялык процессте организмдердин айлана чөйрөгө ыңгайланып жашоосунун бирден бир формасы катары келип чыккан. С. жалпысынан алганда бир клетка м-н экинчи клетканын, о. эле татаал түзүлүштөгү жаныбарлардын ортосунда болуусу мүмкүн. С-дук мамилелер өсүмдүктөр м-н өсүмдүктөрдүн, өсүмдүктөр м-н жаныбарлардын, жаныбарлар м-н жаныбарлардын, өсүмдүк, жаныбарлар м-н микроорганизмдердин ортосунда дайым кездешет. Өсүмдүктөрдүн арасында С-го *микориза* мисал. Актиниялар качкын рактын үлүл кабында дайым жабышып, тиричилигин өткөрөт. Алар рактын жемининн калдыгы м-н азыктанып, рак м-н кошо бир жерден экинчи жерге жылышат. Актиния өзүнүн коргонуучу тинтүүрлөрү м-н ракты ж-а өзүн душмандарынан коргойт. Мындай биргелешип жашоо экөөнө тең пайдалуу. Чанактуу өсүмдүктөр м-н *түйөк бактерияларды* С-унун мааниси да чоң.

Ад.: Скрябин К. И., Симбиоз и паразитизм в природе, П., 1923; Догель В. А., Общая паразитология, Л., 1962.

СИМБИРСК — *Ульяновск* ш-нын 1924-жылга чейинки аты.

СИМВОЛ (гр. sýmbolon — белги) — 1) илимде (логикада, математикада ж. б.) белги дегенди туюнтат. 2) Иск-водо, бир жагынан, көркөм образдын, экинчи жагынан, аллегория м-н белгинин чектеш категорияларын салыштыруудан дайын болчу эстет. универсал категория. Көркөм ад-тта С. троптун бир түрү — турмуштук көрүнүштөрдү, түшүнүктөрдү, нерселерди каймана айтуу м-н аларга окшош маани туюнтат. Мис., таң — жарык турмуштун, өмүрдүн, гүл м-н булбул—жаштыктын, сүйүүнүн, түн—жаманчылыктын С-у. С. образдык милдет аткарып, чыгарманын бүт духун аныктаган учурлар да болот. Алсак, Ч. Айтматовдун «Биринчи мугалимиңде» айыл четинде бийик өсүп турган кош терек — Дүйшөн м-н Алтынайдын рухий дүйнөсүндөгү жакындыкты, алардын өздөрүнүн да көкөлөп өсүшүн туюнткан С.


СИМВОЛИЗМ (гр. sýmbolon — белги, символ дегенден) — 19-к-дын аягы — 20-к-дын башындагы европ. иск-водогу багыт. Францияда (П. Верлен, С. Малларме, А. Рембо) пайда болуп, кийин Германия (С. Георге, Ф. Штук), Австрия (Г. Гофмансталь, Р. Рильке), Бельгия (М. Метерлинк, Ж. Минне) ж. б. өлкөлөргө таралган. Россиядагы символисттер (К. Д. Бальмонт, Д. С. Мережковский, Э. Н. Гиппиус, Ф. Сологуб ж. б.) калкты учурдун саясий маселелеринен оолактатууга аракеттенген. С-дин негизин Шопенгауэрдин ж-а неокантчылардын субъективдүү идеализттик философиясы түзөт. С. индивидуализм м-н мистицизмди пуска тутуп, турмуш кубулуштарын «аркы» дүйнөнүн символу, ал эми иск-вону «аркы» дүйнөгө сүңгүп кирүүнүн каражаты катары карайт ж-а антиреализттик, декаденттик, антидемокр. мүнөзгө ээ.

С. сүрөт өнөрүнүн сферасында (неглиппе графикада, живописте) түрдүү ыраңдуу келип, бирдиктүү эстет. программасы, стилдик жалпылыгы жок. 1890-жылдарга чейин сүрөт өнөрүндөгү С. ад-тка көбүрөөк көз каранды болгон. 1880-жылдардын аягында Францияда Э. Бернер м-н П. Гоген өздөрүн символчуларбыз деп жарыялап, понт-авен мектебин башкарып, өзүнчө живопистик символ түзүүгө аракеттенишкен. Ошондон баштап символ сюжетте эмес, көрүнүш формасында берилет да, өнүгүшүнүн жаңы фазасы башталат. Россияда С. тенденциялары В. Борисов-Мусатов, М. Добужинский, Н. Рёрихтин, «Искусство дүйнөсүнүн» өкүлдөрүнүн ж. б-дын чыгармаларынан байкалат.

Ад.: Горький М., Поль Верлен и декаденты, Собр. соч., в 30 тт., т. 23, М., 1953; Балашов Н. И., Символизм. Малларме, Рембо, Верлен, в кн.: История французской литературы, т. 3, М., 1959.

СИМВОЛИКАЛЫК ЛОГИКА, к. *Математикалык логика.*

СИММЕНТАЛ УЮ — сүт-эт багытындагы порода. Швейцарияда чыгарылган. Кунардуулугу жогору ж-а бөлөк жерге мыкты байырлашкандыктан көп өлкөгө тараган ж-а жерг. уйлар м-н аргындаштырылып, көп порода алынган. С. ую Россияга 19-к-дын 2-жарымында алып келинген. Букасы украин, калмак, казак ж. б. жерг. уйларды аргындаштыруу үчүн пайдаланылган. С. уюнун өңү көбүнчө сары ала. Породанын сүт, сүт-эт ж-а эт-сүт типтери бар. Букасынын тирүү салм. 800—1100 *кг*, inеги 550—650 *кг*. Саан ую жылына 3500—4000 *кг* сүт берет. Алдыңкы чарбаларда 5000 *кг*,




мыктысынан 14 430 *кг* сүт саап алынат. Сүтүнүн майлуулугу 3,8—3,9%, айрымыныкы 6,08%. Эти орто сапаттуу, сойгондо 60% эт чыгат. СССРде ал жерг. уйларды асылдандыруу максатында көп асыралат.

Ад.: Скотоводство. Крупный рогатый скот, т. 1, М., 1961.

СИММЕТРИЯ (гр. symmetria — өлчөмдөш) — ар кандай процесстердин, нерселердин ж-а кубулуштардын, адатта түздөн түз алардын структуралуулугу м-н байланыштуу болгон жалпы өзгөчөлүгү. Азыркы кездеги табият таануунун С-нын эки — тар ж-а кеңири мааниси бар.

С. математикада — өзгөртүп түзүүлөрдүн маанилүү түрү. 1) С. (тар мааниде) — мейкиндикте x тегиздигине карата нүзгүлүү чагылуу — мейкиндиктеги өзгөртүү; мындай өзгөртүүдө берилген фигуранын ар бир М чекити M^1 чекитине өтөт ж-а MM^1 кесиндиси x тегиздигине (АВ түз сызыгына) перпендикуляр болуп, аны тең экиге бөлөт (к. сүрөт). X тегиздиги (АВ түз сызыгы) С-нын тегиздиги (өгү) деп аталат. 2) С. (кеңири мааниде) — геом. фигуранын туура формада болушун, аны кыйыл-



AB түз сызыгына карата симметриялуу тегиз фигура: *AB*га карата чагылганда (күзгүдөй) *M* чекити M^1 чекитине өтөт.

мылдатканда ж-а чагылдырганда ал фигуранын өзгөрбөстүгүн мүнөздөөчү касиети. Өзүнө тең дөлбогон ортогоналдык өзгөртүүдөн кийин фигура өзгөрбөсө, ал С-луу деп аталат. Мейкиндиктеги С-ның жөнөкөй түрүнө борб., октук ж-а которуу С-сы кирет.

С. физикада. Эгер физ. системаны мүнөздөөчү чоңдуктардын ортосундагы катыштарды белгилөөчү же өзгөрүшүн аныктоочу закондор системасы дуушар болуучу белгилүү операциялардан (кайра түзүүлөрдөн) кийин өзгөрбөсө, анда бул закондор берилген (колдонулган) кайра түзүүлөрго карата С-га ээ болот. Үзгүлтүксүз дискреттүү кайра түзүүлөр, сакталуу закондору, квант-мех. системалар С-га ээ.

С. химияда — молекулалардын окшош бөлүктөрүнүн С. элементтерине жараша закон ченемдүү жайгашуусу. С. элементтеринин жөнөкөй түрлөрү: чекит — инверсия борбору, сызык — симметрия огу ж-а тегиздик — симметрия тегиздиги. Мис., эки атомдуу молекулаларда (суутек H_2, кычкылтек O_2 ж. б.) — октук, аммиак молекуласында (NH_3) — үч бурчтук, метанда (CH_4) — тетраэдрдик С. болот. Молекулалардын ж-а хим. заттардын С. элементтери өз ара матем. жол м-н байланышкан. Булардын негизинде көп электрондук ядролук магниттүү резонанс ж-а мол. спектрлер аныкталат. Мындай маалыматтар молекула түзүлүштөрү, хим. процесстердин бөтөнчөлүктөрү ж. б. маселелерди чечүүгө жардам берет.

С. биологияда (биосимметрия). Биообъектилердин структуралык С-сы жакшы изилденген. Ал биообъектилердин түрлөрүн аныктоого, алардын тышкы формасын ж-а ички түзүлүшүн сыпаттап жазууга мүмкүндүк берет. Ошондуктан ботаника, зоология ж-а молекула биологиясында кеңири колдонулат. С-ның түрлөрү кандайдыр бир геом. элементтерге (чекит, сызык, тегиздик) карата белгиленет. Тирүү табиятта С-ның төмөнкү түрлөрү белгилүү: тегиздик ж-а октуу же актиноморф С. (көпөлөк), октуу же аксиаль С. (медуза, флокстун гүлү), чекиттүү же көп октуу (радиоляриялар), эки жактуу же билатэраль С. (куш) ж. б. Табиятта асимметриялуу (мис., көп өсүмдүктөрдүн жалбырактары) ж-а эки жак-


туу же билатэраль С. (мис., киши ж-а омурткалуу жаныбарлар) коп кездешет.

20-к-дын 70-жылдарында диссимметриялык биообъектилер ургаалдуу



Актиноморф симметрилеси.

изилденген. Биообъектилердин С-сы ж-дегү окуунун иштелиш чыгышы алардын касиеттери ж-а функцияларды тууралуу, о. эле тиричиликтин



Аксиаль симметрилеси.

келип чыгышы ж-а мааниси ж-де түшүнүктү тереңдетүүгө мүмкүндүк берет.

С. кристаллдарда — кристаллдардын бурулуу, чагылуу аркылуу түрдүү абалдарда өзү м-н озү дал келүү касиети. Кристаллдын сыртқы формасынын симметрилеси анын атомдук түзүлүшүнүн симметрилеси (ал, о. эле кристаллдын физ. касиеттеринин симметрилеси м-н да негиз түзөт) м-н аныкталат. С. алардын үч чендүү реалдуу мейкиндиктеги структурасында ж-а касиеттеринде гана байкалбастан, о. эле импульстук мейкиндикте кристаллдын электрондорунун энергетикалык спектрин сүрөттөгөндө кристаллдагы рентген нурларынын дифракциясын тескери үзүндуктардагы мейкиндиктин жардамы м-н талдаганда да байкалат.

Ад.: Вейль Г., Симметрия, пер. с англ., М., 1968; Урманцев Ю. А., Симметрия природы и природа симметрии, М., 1974; Шубников А. В., Симметрия и антисимметрия конечных фигур, М., 1951.

СИММЕТРИЯЛУУЛУК (математика м-н логикада) — кандайдыр бир объектиге кирген эки элементтин бинардык (эки орундуу, эки мүчолүү) катыштарынын ал элементтердин тартибине көз карандысыздыгын туюнтуу касиети. Эгер аныкталуу областынан ар кандай x ж-а y элементтери үчүн xRy катышынан yRx келип чыкса, анда R катышы С. деп аталат.

СИММЕТРИЯЛУУ ФУНКЦИЯ — өзгөрмө чоңдуктарды өз ара ар кандай орун которуштуруудан мааниси өзгөрбөгөн коп өзгөрмөлүү функция; мис., $\sqrt{x_1^2+x_2^2+x_3^2}$ же $x_1^2+x_2^2+x_3^2-4x_1x_2x_3$. Алгебрада симметриялуу коп мүчө өзгөчө мааниге ээ. Алгебр. теңдемелердин коэффициенттери тамырларынын симметриялуу коп мүчөсү болот. Мис., $x^2+2px+q=0$ квадрат теңдеме үчүн $p=-(x_1+x_2)$, $q=x_1x_2$. Ар кандай симметриялуу коп мүчө элементардык С. ф-лардан куралган коп мүчө болуп эсептелет; мис., $x_1^2+x_2^2=(x_1+x_2)^2-2x_1x_2$. С. ф-лар теорилеси алгебр. теңдемелердин радикал аркылуу чыгарылыш мүмкүндүгүн изилдөө маселелеринде колдонулат.

СИММЕТРИЯ ОГУ, к. *Симметрия.*

СИМОНОВ Константин (Кирилл) Михайлович [15(28). 11. 1915, Петроград — 28. 8. 1979, Москва] — орус совет жазуучусу, коомдук ишмер, Соц. Эмг. Баатыры (1974). 1942-жылдан КПСС мүчөсү. М. Горький атн. ад-т ин-тун бүткөн (1938). Чыг-ларын 1934-жылдан жарыялана баштап, учурдун урунттуу маселелери — согуш тематикасы, патриотизм ж-а интернационализм, совет адамдарынын адеп-ахлагы, достугу ж-а сүйүүсү ж-дө. С.— коп лирикалык жыйнактын (мис., «Достор жана душмандар», 1948; СССР мамл. сыйл., 1949), поэмалардын (мис., «Павел Чёрный», 1938), пьесалардын (мис., «Биздин шаардык жигит», 1941; СССР мамл. сыйл., 1942; «Орус адамдары», 1942; СССР мамл. сыйл., 1943; «Орус маселеси», 1946; СССР мамл. сыйл., 1947; «Чоочун көлөкө», 1949; СССР мамл. сыйл., 1950), повесттин («Күн-түнү», 1943—44; СССР мамл. сыйл., 1946) автору. «Олгондөр жана тирүүлөр» үчилтигинде (1954—59; Ленин дик сыйл., 1974), «Куралдаш курдаштар» (1952), «Жоокер болуп туулбайт» (1963—64), «Акыркы жай» (1970—71) романдарында Улуу Ата Мекен согушта совет эли баскан катаал жол сүрөттөлөт. Чыг-ларын СССР элдеринин (кыргыз тилине да) ж-а чет эл тилдерине которулган. С-дун коомдук ишмерлиги ар тараптуу: «Литературная газетанын», «Новый мирдин» редактору, СССР жаз. союзунун башкармасынын ген. секретарына орун басар (1946—54), секретарь (1954—59 ж-а 1964-жылдан бери). КПСС БКнын мүчөлүгүнө кандидат (1952—56), КПССтин Борб. текшерүү комиссиясынын мүчөсү (1956—61 ж-а 1976-жылдан бери). СССР Жог. Советинин (2—3-шайл.) депутаты. Үч Ленин ордени, башка 5 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Собр. соч., т. 1—6, М., 1966—70; Артиллеристтин уулу. Фронт турмуштарынан, Фр., 1942; Үчүнчү адъютант. Фронт турмуштарынан, Фр., 1942; Күнүтүнү менен. Фр., 1950; Өмүр жана өлүм, Фр., 1967; Жоокер болуп туулбайт, Фр., 1978.

Ад.: Вишневская И. Л., Константин Симонов. Очерк творчества, М., 1966; Фрадкина С., Творчество К. Симонова, М., 1968; Лазарев Л. И., Военная проза К. Симонова, М., 1975.

СИМОНОВ Николай Константинович [21. 11(4. 12). 1901, Самара, азыркы Куйбышев — 20. 4. 1973, Ленинград] — сов. актёр, СССР эл арт. (1950), Соц. Эмг. Баатыры (1971). Петербург САсында (1919—22) окуган. 1924-жылдан Ленинграддагы Пушкин атн. драма театрында иштеген. Негизги аткарган ролдору: Сатин (М. Горький, «Түпкурдо»), Сальери (А. Пушкин, «Моцарт менен Сальери»), Маттиас (Г. Гауптман, «Күн батаарда») ж. б. Кинодо 1924-жылдан тартылган: Жихарев («Чапаев», 1934), Монтанелли («Сайгак», 1955), Пётр I («Пётр I», 1937—39) ж. б. Анын көтөрүңкү күчтүү сезимдери, зор темпераменттүү образдары масштабдуулугу м-н айырмаланган. СССР мамл. сыйл. (1941, 1947, 1950) ж-а РСФСРдин К. С. Станиславский атн. мамл. сыйл. (1973) лауреаты. Үч Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Марков П. А., Театральные портреты, М.—Л., 1939; его же, Р. Н. Симонов в «Аристократах» Погодина, в его кн.: Правда театра, М., 1965.

СИМОНОСЕКИ КЕЛИШИМИ (1895) япон-кытай согушунан (1894—95) кийин Япония м-н жеңилген Кытай ортосунда 17-апрелде Симоносеки ш-нда түзүлгөн. С. к. б-ча Кытай өз бийлигиндеги Кореянын көз карандысыздыгын таанып, Японияга Тайвань а-н, Пэнхуледао а-дарын ж-а Ляодун ж. а-н берип, 200 млн ляң контрибуция төлөгөн. Япондорго Кытайда соода үчүн бир нече порт ачып, ө. ж. ишканаларын куруруга укук берген. Бул Кытайга чет элдик капиталдын киришине шарт түзгөн. Келишим түзүлгөн соң Россия, Германия ж-а Франциянын нааразылыгынан улам Япония Ляодун ж. а-нан баш тартып, бирок контрибуцияны дагы 30 млн ляңга көбөйткөн. С. к. Кытайдын жарым колониягa айланышында негизги этап болгон.

СИМПЛЕКС (лат. simplex — жөнөкөй) (математикада) — n өлчөмдөгү эң жөнөкөй томпок коп грандык. $n=3$ болгондо үч өлчөмдүү мейкиндиктеги үч өлчөмдүү С. каалагандай тетраэдр, б. а. жалпысынан туура эмес үч бурчтуу пирамида. Эки өлчөмдүү С.— каалагандай үч бурчтук, ал эми бир өлчөмдүү С.— кесинди сызык. Нөл өлчөмдүү С.— жөнөкөй чекит. Өлчөмдөрүнүн саны $n>3$ болгон С. n өлчөмдүү мейкиндиктеги геометрияда негизги роль ойнойт.

СИМПЛОН — Швейцариядагы ашуу, Пеннин ж-а Лепонтин Альп тоолорунун кошулушунда. Бийик. 2005 *м*. Ашуу аркылуу Берн — Милан автомобиль жолу, ал эми С-го жакын 700 *м* бийиктеги тешкен тоо аркылуу (уз. 19,7 *км*) т. ж. өтөт.

СИМПОЗИУМ (гр. symposion — той дегенден) — 1) байыркы гректер м-н римдиктерде — көбүнчө музыка, оюн-зоок, маек аралаш берилүү чакан той; 2) кайсы бир ил. маселе б-ча өткөрүлүчү, асыресе эл аралык кеңешме.

СИМПСОН ФОРМУЛАСЫ—аныкталган интегралдарды жакындатып эсептөөчү формула:

$$I=\int_a^b f(x)dx\approx\frac{h}{3}[f_0+f_{2n}+4(f_1+f_3+\cdots+f_{2n-1})+2(f_2+\cdots+f_{2n-2})]=S,$$

мында $h=(b-a)/2n$; $f_i=f(a+ih)$, $i=0,1,2,\ldots,2n$. Айрым учурда С. ф. парабола формуласы деп да аталат, анткени С. ф-н чыгаруу, интеграл астындагы $f(x)$ функциясын $[a+2hk, a+2h(k+1)]$, $k=0,1,\ldots,n-1$ сегменттеринин ар биринде ага тиешелүү интерполяциялык экинчи даражадагы коп мүчө м-н алмаштыруунун негизделген; бул алмаштыруу геом. түрдө алганда $f(x)$ функциясынын графиги жог. сегменттердин ар биринде ага өтө жакын параболалардын бөлүктөрү м-н алмаштырылат. С. ф-н колдонууда кетириген каталык:

$$S-I=\frac{(b-a)^5}{2880n^4}f^{IV}(\xi),\ \text{мында}\ a\leqslant\xi\leqslant b.$$

Эгер интеграл астындагы $f(x)$ функциясы $m\leqslant 3$ даражалуу коп мүчө болсо, анда С. ф. жакындатылган формула болбостон, так формула болот, анткени бул учурда $f^{IV}(x)\equiv 0$.

СИМПТОМ (гр. sýmptoma — окуя, дал келүү, белги), к. *Оорунун белгиси.*

СИМУЛЯЦИЯ (лат. simulatio — алдоо) — соо адамдын оорулуумун деп алдоо. С. атайын ж-а патологиялык болот. Атайын С. бир максатты көздөйт (мис., эмгекке жарамсыздык б-ча пособие алуу, аскер кызматынан баш тартуу ж. б.). Патологиялык С. адам өзүн оорумун деп ишенгенден келип чыгат (мис., психикалык ооруларда). Ал — кээ бир оорунун (мис., истериянын) белгилеринин бири. Атайын С. үчүн сов. закон жообо тартат.

СИМФЕРОПОЛЬ — УССРдеги Крым обл-ның борбор шаары. Салгир д-ның жээгинде. Автомобиль ж-а т. ж. тоому. Аэропорту бар. Калкы 302 миң (1979). Негизги ө. ж. тармактары — тамак-аш (консерва, шарап, эфир майын алуу, эт, сүт, тамеки) ж-а жеңил (трикотаж, кебезден кездеме токуу, тигүү). Машина куруу ж-а металл иштетүү (тамак-аш ө. ж. үчүн жабдуулар, телевизор ж. б. чыгаруучу з-ддор), химия (пластмасса буюмдарын чыгаруу ж. б.), курулуш материалдар ө. ж. маанилүү орунда. Сого жакын суу сактагыч курулган; В. И. Ленин атн. ГРЭС бар. Үч жог., 9 атайын орто окуу жайы, 3 театр, край таануу музейи ж. б. иштейт. Туристтик база. С. 1784-ж. негизделген.

СИМФОНИЕТТА — чакан *симфония.*

СИМФОНИЯ (гр. symphonia — үндөшүү, sýn — чогуу ж-а phone — добуш) — симф. *оркестр* үчүн жазылган сонаталык цикл түрүндөгү муз. чыгарма; *симфониялык музыканын* негизги жанрларынын бири. Кээде С-га хор ж-а ырчы-солисттер катышат. С. кыл аспаптар, үйлөмө аспаптар, эл аспаптар ж. б. оркестрлер үчүн да жазылат. Адатта ал төрт бөлүмдөн турат: сонаталык аллегро, жай лирикалык, менуэт же скерцо ж-а көбүнчө рондо түрүндөгү финал. «С.» термини Байыркы Грецияда биргелешип унисондо ырдоо дегенди түшүндүрсө, Байыркы Римде аспаптык ансамбли, оркестрди туюнткан. 17-к-дын башында сюита, кантата, айрыкча операның аспаптык бөлүгү (увертюра) С. деп аталган. С. 18-к-да операдан бөлүнүп, өзүнчө концерттик жанр түзгөн. Вена классикалык мектебинин комп-лору Й. Гайди (104 С-ның автору), В. А. Моцарт, Л. Бетховен С-ның классикалык үлгүлөрүн жасышкан. Программалык С-ларды Г. Берлиоз, Ф. Лист, Ф. Шуберт, Р. Шуман, И. Брамс, А. Брукнер, Г. Малер, А. Дворжак, П. Чайковский, С. Рахманинов ж. б. жазган. Аспаптык музыканын жог. формасы катары С. сов. музыкада көрүнүктүү орунду ээлейт. Сов. комп-лор Н. Мясковский (27 С.), С. Прокофьев (7 С.),



К. М. Симонов.



Р. Н. Симонов.

Д. Шостакович (15 С.) ж-а Украина, Закавказье, Латвия, Эстония ж. б. реси-калардын композиторлору да С. жанрына бир кыйла салым кошту. Кыргыз комп-лорунан А. Тулоев [«Биринчи симфония», «Атай» (бүтпөгөн)], В. Фере («Кыргызстан») ж. б. жазышкан.

Ад.: Попова Т., Симфонии. Пояснение, М.—Л., 1951; Конен В., Театр и симфония, 2 изд., М., 1975.

СИМФОНИЯЛЫК МУЗЫКА — симф. *оркестрге* жазылган муз. чыгарма. С. м-га хор, ырчы-солисттер катышып, аспаптык жагы басымдуу болгон, о. эле жалгыз аспан же оркестр үчүн жазылган чыг-лар да кирет. Негизги жанрлары — *симфония, увертюра* (оз алдынча концерттик пьеса же операга кириш бөлүм), *концерт, сюита,* симф. поэма, *фантазия* ж. б. Опералын оркестрлик эпизоддору — симф. картиналар, интермеццо да С. м-га жатат. С. м-ның өнүгүшү 18-к-да симф. оркестрдин классикалык түрүнүн калыптануусуна байланыштуу. С. м-га негиз салуучулар: Й. Гайди, В. Моцарт м-н Л. Бетховен. Бетховендин чыг-лыгы дүйн. С. м-ның туу чокусу болуп саналат. С. м-ның өсүшүнө орус комп. М. А. Балакирев, Н. А. Римский-Корсаков, А. П. Бородин, М. П. Мусоргский, П. И. Чайковский, кийин А. К. Глазунов, С. И. Танеев, С. В. Рахманинов, А. Н. Скрябин чоң салым кошкон. Орус С. м-ның салтын сов. композиторлор (Н. Я. Мясковский, С. С. Прокофьев, Д. Д. Шостакович, А. И. Хачатурян ж. б.) жаңы маани, жаңы мазмунда, азыркы



Кыргыз симфония оркестри. Дирижёр — А. Жумакматов. 1977.

доорубузга ылайык өнүктүрүүдө. Кыргыз С. м-ның көрүнүктүү чеберлери — А. Малдыбаев, М. Абдраев, К. Молдобасанов, Т. Эрматов, А. Жаныбеков ж. б.

Ад.: Советская симфоническая музыка. Сб. ст., М., 1955; Попова Т. В., Симфоническая музыка, М., 1963.

СИМФОНИЯЛЫК ОРКЕСТР — *оркестрдин* бир түрү.

СИНАЙ ЖАРЫМ АРАЛЫ Азиянын батышында, Кызыл деңиздеги Суэц ж-а Акаба булуңдарынын ортосунда. Египетке карайт; 1967-жылдан Израиль законсуз басып алган. Аянты 25 миң *км*². Рельефинде бөксө тоолор (бийикт. 1850 *м*ге чейин) ж-а тоолор (2637 *м*) басымдуу. Нефть ж-а марганец кендери бар. Климаты тропиктик, ысык. Жылына 50 *мм*ден аз жаан-чачын жаайт. Чөл өсүмдүктөрү, кургак нуктарда тикендүү бадалдар ж-а жыгач өсүмдүктөрү өсөт. Калкы көчмөн, мал чарбасына (кой, эчки, төө) кесиптенген. Оазистеринде курма пальмасы, арпа, таруу, жүгөрү өстүрүлөт.

СИНАН, Кожо Синан (1489 же 1490, Кайсери — 1588, Стамбул) — түрк архитектору ж-а инженери. 1538-жылдан султан Сулайман Інин тушунда мечит, көпүрө ж. б-ларды куруу иштерин жетектеген. С-дын мыкты чыг-лары византиялык куполдуу базилика типиндеги төрт жагы төп келишкен, зор ж-а бир бүтүн кең интерьерлүү имараттар (мечиттер: Шахзаде, 1548, Сулеймание, 1550—57, экөө тең Стамбулда).

СИНАНТРОП (соңку лат. Sina — Кытай ж-а гр. ánthropos — адам) — эң байыркы казылма адамдардын өкүлү. С-туп сөөктөрү 20-к-дын 20-жылдары Кытайдагы Чжоукоудянь т. ж. станциясынын жанындагы Коцетанг үңкүрүнөн (Пекинден 45 *км* түш.-батышта) 60тан ашык адамдын баш сөөгү, жаактын, тиштердин ж-а сөөктөрдүн калдыктары, о. эле жөнөкөй таш куралдар табылган. С. питекантропко окшош, бирок баш сөөгү чоң (1040 *см*³), маңдайы бийик ж-а дөң. С. 400 миң жыл мурда жашаган, оттон пайдаланган.

СИНАНТРОП ОРГАНИЗМДЕР, синантроптор (гр. syn — бирге ж-а ánthropos — адам) — адам м-н жашоосу түрдүү формада байланышкан микроорганизм, өсүмдүк ж-а жаныбарлар. «С. о.» термини патогенез (оору козгогуч) микроорганизмге колдонулбайт. С. о-дин тиричилик цикли адамдын иш-аракетинен түзүлгөн же өзгөргөн шартка ыңгайланышкан. Кишинин ички ж-а сырткы мителери (гельминттер, кенелер, бүргөлөр, чиркейлер ж. б.) толук (эгер кишинин турак-жайында жашаса), толук эмес (турак жайдан тышкары киши жашаган аймакта кездешсе) болуп болушот. Көэ бир С. о-дин (үй чычканы, көгүчкөн, кантала ж. б.) тиричилиги кишинин жашоосу м-н байланышта болуп, бардык жерге тарап, *космополиттерге* айланган. Айрым С. о. (майда жырткычтар, таранчы сымалдар ж. б.) киши жашаган жерлерден алыстап, айдоолордо ж-а өсүмдүк тигилген жерлерде жашайт. Абада, деңизде ж-а кургакта жол катнаштын өсүшү С. о-дин кеңири таралышына шарт түздү. С. о-ге өсүмдүктөр да кирет, алар рудераль өсүмдүктөрү (шыпырынды ташталган жерлерде, короо-жайдын айланасында, жол боюнда өсүүчү чөптөр) деп аталат.

СИНАПСТАР (гр. sýnapsis — байланыш, бириктүү) — козголуу абалда болгон клеткалардын ортосундагы сигналды өзгөртүүчү ж-а өткөрүүчү атайын функциялык байланыштар. С. синапс жылчыгы м-н бөлүнгөн синапс учу ж-а анын тушундагы мембранадан турат. Функциялык маанисн б-ча С. козголтуучу (клетканын иштешин күчөтүүчү) ж-а тормоздоочу (басаңдатуучу) болуп бөлүнөт. Алардагы байланыш хим., электрдик же электрхим. механизм аркылуу жүрөт. Синапстын учунда *медиатордор* толгон ыйлаакчалар жайгашкан. Нерв импульсу синапс учуна жетип, андагы мембрананын электр потенциалын өзгөртүп, кальций иондорунна өткөргүчтүгүн көбөйтөт да, ыйлаакчалардан жылчыкка медиаторлор бошоп чыгып, алар синапс учунун тушундагы мембранага таасир этет. Электр механизмдүү С-да синапс жылчыгы жок же абдан тар болгондуктан ток синапс учунан түз эле анын тушундагы клеткага таасир этет. Мындай С-да клетканын *цитоплазмасынан* экинчисине кичине молекулалуу бирикмелерди өткөрүүчү каналдар болот.

Ад.: Катц Б., Нерв, мышца и синапс, пер. с англ., М., 1968; Акерт К., Сравнение двигательных концевых пластинок и центральных синапсов. Ультраструктурное исследование, Журнал эволюционной биохимии и физиологии, 1975, т. 11, № 2.


СИНА-ТИБЕТ ТООЛОРУ, Сычуань Альп тоолору, Хуандуаньшань Кытайда. Тибет тайпак тоосунун чыгыш четинде, Хуанхэ д-нан (түн.) Янцзы д-на (түш.) чейин созулуп жатат. Уз. 750 *км*, туурасы 400 *км*ге чейин. Батыштан чыгышты карай бийикт. 5000—6500 *м*ден 1000—1200 *м*ге чейин басаңдайт. Эң бийик жери 7590 *м* (Гунгашань чокусу). Метаморфизмделген ж-а гранит тоо тектеринен түзүлгөн. Салуин, Меконг, Янцзы ж. б. дарыялардын жог. агымындагы кууш, терең өрөөндөрү (капчыгайлар) м-н бөлүнгөн кырка тоолордон турат. Капчыгайлардын тереңд. 3000 *м*ге чейин. Капталдары тик, корум таштар көп. Кен байлыктары: темир рудасы, алтын, жез. Түп. бөлүгүндө аралаш токой (эмен, карагай ж. б.), түштүгүндө дайыма жашыл ж-а ийне жалбырактуу токой (эмен, мырза карагай, кипарис) өсөт.

СИНГАЛДАР — улут, Шри-Ланка респ-касынын негизги калкы. Жалпы саны 9,8 млн (1975) адам. Антроп-я лык жактан европеоид расасына кирет. Түп. Индия элдери м-н тектеш. Сингал тилинде сүйлөшөт. Көпчүлүгү будда, азы христиан дининде. С. талаа-түздө жашагандар ж-а тоолуктар болуп 2 топко бөлүнөт. Тоолуктардын турмушунда кээ бир эзелки өзгөчөлүктөр сакталган. С-дын көбү дыйканчылык, жээкте жашагандары балыкчылык м-н кесип кылышат.

СИНГАПУР, Сингапур Республикасы — Түш.-Чыгыш Азиядагы мамлекет. Сингапур а. ж-а анын айланасындагы майда аралдарды, Малакка ж. а-ның түш. четин ээлейт. Британия ыктымагында. Аянты 581,5 *км*². Калкы 2,35 млн (1979). Борбору — Сингапур ш. (калкы 1,35 млн, 1978). С. — респ-ка. Азыркы конституциясы 1965-ж. кабыл алынган. Мамлекет башчысы — президент. Мамл. гербин ж-а мамл. желегин к. *Мамлекеттик герб, Мамлекеттик желек* макалаларынын таблицасынан.



Табияты. Сингапур а-ның жээги ойдундуу; көпчүлүгү саздак. Түш.-батыш жээги шуру рифтүү. Рельефи түзөң, деңиз деңг. бийикт. 176 *м*ге чейин. Климаты тропиктик муссон-



Деңиз тартылуу мезгилинде андагы продуктуларды жыйноо (Сингапур а-ның жээги).

дуу. Жылдык жаан-чачыны 2500 *мм*. Тропик токою, мангр бадалдары өсөт.

Калкы. Элинин 76% кытай, андан башка малайлыктар, индиялыктар, бангладештиктер, пакистандыктар, европалыктар жашашат. Мамл. тили — малайя тили.

Тарыхы. С-дун алгачкы тарыхы белгисиз. Ява ж-а кытай даректеринде арал 14-к-дын алгына чейин Тумасе (явача «масек»—деңиз) деп аталат. С. 14-к-да Мажапахит империясына, 15-к-дын башында Тай мамлекетине, 1819-жылга чейин Жохор султандыгына баш ийип, өзөл жылдары англ. Ост-Индия компаниясына (1824-жылдагы келишим м-н бекитилген) берилип, Англиянын Стрейтс-Сетменте колониясына бириктирилген. С. 20-к-дын башынан Түш.-Чыгыш Азиядагы антимпер. күрөштүн уюгуна айланган. Экинчи дүйн. согуш (1939—45) убагында С-ду япон аскерлери басып алган (1942—45). Согуштан кийин С-да антимпер. ыймыл күчөп, Элдик аракет партиясы (ЭАП) ж. б. салсий партиялар түзүлгөн. Англия-Сингапур сүйлөшүүлөрүнөн (1956—58) кийин 1959-ж. Улуу Британия




башкарган Ынтымактын чегине «өзүн өзү башкаруучу мамлекеттин» статутун алган; коргонуу, тышкы мамилелер, айрым ички коопсуздук маселелерин чечүү Улуу Британиянын колунда калган. 1959-ж. С. өкмөтү түзүлгөн. 1963-ж. Малайзия федерациясына кирип, андан 1965-ж. чыккан. 1965-жылдан ООНго мүчө. 1965-ж. 22-декабрда респ-ка деп жарыяланган. С. м-н СССРдин дипл. мамилеси 1968-ж. 1-июнда түзүлгөн.

1972-жылдагы шайлоодо ЭАП парламенттеги бардык орунду алган. Негизги профсоюз уюму — Профсоюздардын улуттук конгресси (1961-ж. негизделген). Ал ЭАПтын контролдугу м-н иштейт.

Экономикасы. Экономикасынын негизин сырткы соода түзөт. Коңшу өлкөлөрдөн каучук, нефть, копра, калай алат да, аларды иштетип, Европа ж-а Америка өлкөлөрүнө сатат. Нефть ажыратуучу, электроника, электр тех., оптика-мех., кеме куруу ж-а ремонттоо ө. ж. тармактары маанилүү орунда. Калай ж-а болот эритүүчү з-ддор, жыгач иштетүү, резина, текстиль, тамак-аш, хим., курулуш материалдар ө. ж. бар. 1975-ж. 4175,7 млн *квт·с* электр энергия алынган. Жеринин 20% иштетилет. Каучуктуу өсүмдүк, кокос пальмасы, тамеки ж. б. өстүрүлөт. Чочко ж-а канаттуулар багылат. Т. ж. уз. 26 *км*, автомобиль жолу 2 миң *км* (1974). Сырттан нефть ж-а нефть продуктуларын, машина ж-а жабдуулар, каучук, текстиль, азык-түлүк ж. б. алат. Соода шериктери: Япония, Малайзия, АКШ, Улуу Британия ж. б. Акча бирдиги — Сингапур доллары.







Сингапур ш. 1. Автомобиль жолу. 2. Шаардын Сингапур д-на чектеш бөлүгү.

Эл агартуусу. 6—14 жаштагы балдар милдеттүү түрдө окутулат. Башталгыч мектеп 8 жылдык, акысыз. Орто мектеп башталгыч мектептин базасында иштейт. 1974-ж. башталгыч мектепте 337,8 миң, орто мектепте 174 миң окуучу окуган. Англис ж-а үч тилдин (малайя, кытай, тамиль) бири соозун окутулат. Кесипке үйрөтүү 8 жылдык башталгыч мектептин негизинде 1 жылдан 5 жылга чейин жүргүзүлөт. Жог. окуу жайлары: Сингапур ун-ти (1949-ж. негизделген), Наньян ун-ти (1953), Политех. ин-т (1954) ж. б. Улуттук китепкана (1884), Улуттук музей (1848) бар.

Ад.: Чуфрин Г. И., Сингапур, М., 1970.

СИНГАПУР — Сингапур Респ-касынын борбору. Түш.-Чыгыш Азиядагы ири соода-транспорт борборлордун бири. Сингапур кысыгынын жээгинде. Аэропорту эл аралык мааниде. Калкы 1,3 млн (1977). Негизги ө. ж. ишканалары: кеме куруу ж-а оңдоо, нефть ажыратуу, радио-электроника, металл иштетүү, цемент, химия, резина, жыгач иштетүү, текстиль, тамак-аш ж. б. Балык кармалат. Шаарда 2 ун-т, политех. ин-т ж. б. ил. мекемелер, Улуттук музей, Улуттук китепкана бар. С. 1299-ж. негизделген.

СИНГАПУР КЫСЫГЫ түндүгүнөн Малакка ж. а. ж-а Сингапур а., түштүгүнөн Риау архипелагы м-н чектешет. Малакка кысыгы аркылуу Түш. Кытай деңизи м-н туташат. Уз. 110 *км*, туурасы 4,6—21 *км*. С. к. аркылуу Түш. Азия м-н Чыгыш Азия; Түш. Азия м-н Америка, Австралия; Чыгыш Азия м-н Европа ж-а Африка порторун туташтыруучу маанилүү деңиз жолдору өтөт.

СИНГАРМОНИЗМ (гр. sýn — бирге ж-а harmonia — үндөш), к. *Үндөштүк закону.*

СИНГЕНЕЗ (гр. sýn — бирге ж-а genetós — жаралуу) — чөгүндү тоо тек м-н бирге пайда болгон минералдар. *Литогенездин* алгачкы стадиясы, к. *Синтенез кендери.*

СИНГЕНЕЗ КЕНДЕРИ (гр. sýn — бирге ж-а genetós — туулган) — жаныша жаткан тоо тектер м-н чогуу бир мезгилде пайда болгон кен байлыктар. Алар көбүнчө кабат же кабат сымал формада болуп, үстүндө ж-а астында жаткан тоо тектер м-н бирдей багытта жайгашат. С. к. негизинен чөкмө жол м-н пайда болгон (кумдук, чопо, аки таш теги, таш көмүр, күйүүчү сланец, туз, фосфорит, боксит, темир ж-а марганец, айрым учурда жез, уран, ванадий) кендер кирет. Магма кендеринин сингенез түрүндөгүсү аз. Кырг-н аймагында юра мезгилинде пайда болгон таш көмүрдүн (Кара-Кече, Кыргалаң, Көк-Жаңгак ж. б.) кендери, неоген мезгилинин чопо, алевролит кабаттарынын арасындагы таш туз кабатчалары *(Кочкор туз кени, Кичи-Куя кени)* ж. б-лар С. к. болуп эсептелет.

СИНГУЛЯРДЫК ИНТЕГРАЛ — 1) функцияны көрсөтүүнүн бир түрү: $n\to\infty$ болгондо $f(x)$ функцияга жыйналма $f_n(x)=\int_a^b K_n(x,t)\,f(t)\,dt$ түрүндөгү интеграл. Мында $K_n(x,t)$ функциясы С. н-дын ядросу.

Мис., $\frac{1}{\pi}\int_{-\pi}^{\pi}\frac{\sin\left(n+\frac{1}{2}\right)(t-x)}{2\sin\frac{t-x}{2}}f(t)\,dt$

ж-а $\frac{1}{2}\sqrt{\frac{n}{\pi}}\int_{-\pi}^{\pi}\cos^{2n}\frac{1-x}{2}f(t)\,dt$

Дирихле ж-а Валле Пуссен С. н-ы деп аталат. С. н-ды 1909-ж. А. Лебег изилдеген. 2) Өздүк эмес интеграл С. н. деп аталат, к. *Сингулярдык интегралдуу теңдеме.*

СИНГУЛЯРДЫК ИНТЕГРАЛДУУ ТЕҢДЕМЕ — интегралдоо областында ядросу чексиздикке айлана турган интеграл теңдеме. Мында белгисиз функциясы бар тиешелүү өздүк эмес интеграл жыйналбас болот да, Коши интегралы б-ча өзүнүн башкы маниси м-н алмаштырылат. С. н. т-ге Гильберт ядросун туткан төмөнкүдөй теңдеме мисал боло алат:

$a\varphi(s)+\frac{b}{2\pi}\int_0^{2\pi}\varphi(\sigma)\operatorname{ctg}\frac{\sigma-}{2}\,d\sigma=f(s).$ Анын

чыгарылышы: $\varphi(s)=\frac{a}{a^2+b^2}f(s)-\frac{b}{2\pi(a^2+b^2)}\int_0^{2\pi}f(\sigma)\operatorname{ctg}\frac{\sigma-s}{2}\,d\sigma+\frac{b^2}{2\pi a(a^2+b^2)}\int_0^{2\pi}f(\sigma)d\sigma,$

$a\neq0,\ a^2+b^2\neq0.$

Дурус изилденген С. н. т.— Коши ядролуу: $a(t)\varphi(t)+\frac{b(t)}{\pi i}\int_L\frac{\varphi(z)}{z-t}dz+\int_L K(t,z)\varphi(z)dz=f(t)$ (1) түрүндөгү теңдеме, мында $a(t)$, $b(t)$, $f(t)$ функциялары комплекстик областтагы L интегралдоо жолунун t чекитинде үзгүлтүксүз функциялар; $I\varphi=\frac{1}{\pi i}\int_L\frac{\varphi(z)}{z-t}dz$

сингулярдык интегралды $L_в$ жолу м-н алынган $I_{\varepsilon\varphi}$ интегралынын $\varepsilon \to 0$ кездеги предели катары түшүнүү керек, мында $L_в$ жолу L ден t чекитине карата симметриялуу узундуктагы жааны алгандан пайда болот. K(t, z) ядросу сингулярдык эмес интегралдык теңдемелер теориясында каралуучу класстардын бирине таандык деп божомолдонот. (1) түрүндөгү С. и. т-ге аналит. функциялар теориясынын, серилгичтик теориясынын, гидродинамиканын көп сандаган маселелери келтирилет.

Ад.: Мусхелишвили Н. И., Сингулярные интегральные уравнения, М., 1968; Векуа Н. П., Системы сингулярных интегральных уравнений и некоторые граничные задачи, 2 изд., М., 1970.

СИНГУЛЯРДЫК ЧЕКИТ (Дальтон чекити) — диссоциацияланбаган бирикменин составына туура келген физ.-хим. диаграммадагы чекит. Ал эки геом. сызыктын кесилишинде жайгашуусу м-н мүнөздөлөт. С. ч-ти Н. С. *Курнаков* сунуш кылган.

СИНДАКТИЛИЯ (гр. sýn — бирге, чогуу ж-а dáktylos — манжа) — кишинин манжасынын же таманынын тубаса деформациясы. Анда эки же бир нече манжа биригип бүтөт. С. толук (манжалардын уюну б-ча бүтүшү), толук эмес (салаалардын бейбелчектеринин биригип бүтүшү), о. эле жаргактуу (манжалардын түбү жука жаргакча м-н биригиши), тери сыяктуу (манжалардын бири-бири м-н тери жаргакча аркылуу биригиши) ж-а сөөктүү (бейбелчек сөөктөрүнүн бирге өсүшү) болуп бөлүнөт. Дарылоодо хирургиялык жол колдонулат.

«СИНДБАД-НАМЕ» — перс-тажик адтынын үлгүлөрүнүн бири. «С.-н-нин» уюткусу инди элинин 5—6-к-да орто иран тилине (пехлевиге) которулган 34 үгүт-насыят аңгемесинен түзүлгөн. 9—10-к-да «С.-н-ни» фарс тилине А. Сикистани, араб тилине М. Кисрави которгон. Европа ж-а түрк элдерине кийинчерээк белгилүү болгон.

Текст: Синдбад-наме. Стамбул, 1948; в рус. пер.— Мухаммад ав-Захири ас-Самарканди, Синдбад-наме, М., 1960.

СИНДЕСМОЛОГИЯ (гр. sýndesmos — байламта ж-а *...логия*) — *анатомиянын* сөөктөрдүн өз ара байланышын, муундарды, байламталарды изилдөөчү бөлүгү.

СИНДИКАТ (лат. syndico — карайм, текшерип жатам). 1. Соода-сатыктагы өз ара күрөштү жок кылуучу ж-а арбын пайда алууну көздөп, негизинен бир түрдүү товар сатууга контролдукту ишке ашырган, *картель* сыяктуу монополиялык бирикме.

С-ка катышуучулардын товарларын сатуу ж-а сырьё сатып алуу бир орган — соода конторасы аркылуу жүргүзүлөт. Соода конторасы заказдарды топтойт да, үлүш б-ча монополияларга бөлүштүрүп, алар болсо мурдагы келишим б-ча өз товарларын ага өткөрүп берет. С-тын катышуучулары өндүрүш ж-а укук жагынан өз алдынча укукка ээ, бирок соода кылуура укугу жок. С. 20-к-дын башында, экинчи дүйн. согушка чейин Германия, Франция ж. б. өлкөлөрдө өнүккөн. Рев-яга чейин Россияда бир канча ири С. болгон. Монополиялаштыруунун күчөшүнө байланыштуу көп тармакта ал монополиялык бирикме түрү катары өз мааниси жоготуп, анын башка ийкемдүү түрлөрү өнүгүүдө. 2) СССРде *жаңы экономикалык саясат* убагында дүң соода кылуу, сырьё сатып алуу ж-а соода операцияларын ландоо үчүн ө. ж. тресттери бириккен чарб. түзүлүштүн бир түрү. Биринчи сов. С. 1922-ж. түзүлгөн (Бүткүлсоюздук текстиль синдикаты). 1922—28-ж. СССРде 23 С. иштеген. Алар 1929—30-ж. жоюлган.

Ад.: Ленин В. И., Империализм, капитализмдин жогорку стадиясы, Чыг., кырг. 1-бас., 22-т.; Хмельницкая Е. Л., Очерки современной монополии, М., 1971.

СИНДХИЛЕР — эл, Пакистандагы Синд тарыхый аймагында жашаган калктын негизги болүгү; Индияда жашайт. Саны 12 млн (1975) адам. Синдхи тилинде сүйлөшөт. Көбү исламды тутат. Индиядагылары негизинен индуизм дининде. С.—Инд д-нын өрөөнүндөгү байыркы элдердин бири. Алардын мад-тына гректер, македондуктар, сактар, ак гуниндар (эфталиттер), арабдар ж. б. баскынчы элдер өз таасирин тийгизген. С-дин көбү дыйканчылык, малчылык м-н кесип кылып, азы ө. ж-да иштейт. С. англ. колонячыларга каршы улуттук-бошт. күрөшкө активдүү катышкан.

СИНЕКДОХА (гр. synekdoche — чогуу кабыл алуу дегенден) — *троптун* бир түрү; бүтүндү анын бир бөлүгү аркылуу туюнтат.

СИНЕКЛИЗА (гр. sýn — бирге ж-а énklisis — төмөн ийүү) — *платформалардагы* жер кыртышын түзүүчү тоо тек катмарларынын ири аймакта төмөн карай ийилүүсүнөн пайда болгон эңкейиш жер; *антеклизанын* тескерисинчедей түзүлүштөгү тектоникалык структура. Тегерек же сүйрү түспөлдө (формада) болуп, эни бир нече жүз, кээде миңден ашык *км*, тереңдиги 3—5 *км*ге чейин жетет. С. узак убакыт (жүздөгөн млн жыл) бою өнүгүп, алгачкы түспөлү көп өзгөрбөйт. Тоо тек катмарлары ортосуна калыңдап, чет жакаларында жукарып кетет. Кээде *авлаковендин* үстүндө пайда болуп, көбүнчө жалчалар м-н татаалданып калган болөкбөлөк ойдундардан турат. Сибирь платформасында Тунгус С-сы, Орус платформасында Москва С-сы ж. б. белгилүү.

СИНИЙ (лат. Sina — Кытай) — кембрийге чейинки мезгилдин аягында пайда болгон тоо тек катмарлары; асты кварцит, андезит, конгломерат; үстү доломит, аки таш тектеринен түзүлгөн. С-дин жалпы калың. 8 миң *м*ге чейин. 1882-ж. немец геологу Ф. Рихтгофен Кытайда С-ди өзүнчө геол. система катары бөлгөн. Кырг-ндагы кичи-кара-ой, мурсаш ж-а жетим-тоо серилялары С. комплексине окшош ж-а жашташ экендигин В. Г. Королёв, К. С. Сагындыков ж. б. аныктаган. С. тектеринде темирдин, фосфордун, марганецтин ж. б. элементтердин кендери бар.

СИНИЛ КИСЛОТАСЫ, циандуу суутек кислотасы, формонитрил, HCN — ачуу бадам жыттанган түссүз суюктук; кайноо t 25,7°C, катуу t—14°C, тыгыз. 0,688 *г/см*^{3} (20°C). С. к-н 1782-ж. швед химиги К. В. Шееле ачкан. 1811-ж. Ж. *Гей-Люссак* суусуз абалында алып, сандык составын аныктаган. С. к. абада H_2O, CO_2, N_2нн пайда кылуу м-н күйөт. Сактаганда ажырайт. Өтө начар кислота, туздары — цианиддер. Орг. бирикмелери нитрилдер деп аталат. Аның суудагы эритмеси калийдин гексацианидин м-н суюлтулган күкүрт к-тасын буулантуудан, ал эми өндүрүштө аммиак, метан аралашмасын катализатордун (Pt же Pt+Rh куймасынын) үстүндө аба м-н кычкылдантуудан алынат: $2NH_3+2CH_4+3O_2 \to 2HCN+6H_2O$. С. к.— организмге тез таасир этүүчү өтө уу зат. Айрым ири молекулалуу бирикмелерди алуудагы баштапкы зат катары ж-а а. ч. зыянкечтерин жоготууда, медицинада колдонулат.

СИНИН — Кытайдагы шаар. Датунхэ д-нын жээгинде. Цинхай провинциясынын админ. борбору. Калкы 500 миң (1969). Т. ж. станциясы. Металлургиялык, машина куруу, химия ө. ж. ишканалары иштейт. Мал чарба продуктулары иштетилет. ТЭС бар. С-дин түн.-батышынан көмүр казып алынат.

СИНКЛИНАЛЬ (гр. synklino — ийилем), синклиналдуу бүктөлүү — тоо тек катмарларынын төмөн



Синклиналдык бүктөлүүнүн элементтери: A, A_1 — канаттар, B — кулпу.

карай ийилип бүктөлгөн болүгү. Аның борб. жагында кийинки, чет жакасында байыркы тоо тектер жатып, өлчөмү бир нече *см*ден жүздөгөн *м*ге жетет. Катмарлардын ийилиши б-ча *антиклиналь* м-н түтүмдаш жайгашат.

СИНКЛИНОРИЙ (гр. synklino — төмөн ийилем ж-а óros — тоо) — борб.



Синклинорийдин схемасы. Пунктир м-н бүктөлүүлөрдүн багыты көрсөтүлгөн.

болүгү төмөн ийилген жер кыртышындагы бүктөлүүлөрдүн татаал түзүлүштөгү ири комплекси; майда бүктөлүүлөр м-н татаалданган ири синклиналды элестетет. С-дин уз. жүздөгөн, туурасы ондогон *км*ге жетет. *Геосинклиналь* аймактарында пайда болуп, формасы б-ча карама-каршы турган структура — *антиклинорий* м-н түтүмдаш жатат.

СИНКРЕТИЗМ (тил илиминде) — мурда формасы айырмалуу граммат. категориялардын (маанилердин) бирдей формага бириги, түтүмдашуусунун натыйжасында көп мааниге ээ болушу. С. морфологияда да, синтаксисте да учурайт.

СИНОД (гр. sýnodos — чогулуш) — бир катар православие ж-а протестант чиркөөлөрүндөгү жог. дин кызматкерлеринин чогулушу; 18—20-к-дын башында Россиядагы православие чиркөөсүн башкаруунун жог. органы; 1917-жылдан Москва ж-а бардык Рустун патриархынын алдындагы кеңеш берүүчү орган.

СИНОЛОГИЯ (лат. Sina — Кытай ж-а *...логия*), кытай таануу—кытай тарыхын, экономикасын, саясатын, философиясын, тилин, ад-тын ж-а мад-тын изилдөөчү илимдер тобу. Кытай таануунун 17—18-к-да Батыш Европада франц. миссионерлер баштаган. Ж. П. Абель Ремюза 1814-жылдан Париж ун-тинде кытай филологиясы б-ча сабак берген. 17-к-да Россияда Кытай б-ча биринчи эмгекти дипломаттар (П. И. Годунов, Н. Г. Спафарий) жазган. Орус С-сына Н. Я. Бичуриндин котормосу, тарых, этнография, география ж-а лингвистика б-ча изилдөөлөрү чоң салым кошкон. Россияда кытай тили 1837-ж., ад-ты 1851-ж. (Казан ун-тинде) окутула баштаган. 19-к-дын аягы — 20-к-дын башында державалардын Кытайды колонияга айландыруу саясатынын күчөшү м-н С. да бир кыйла өнүккөн. Россияда П. И. Кафаров (П. С. Попов м-н бирдикте) биринчи кытай-орус чоң сөздүгүн түзгөн. Улуу Окт. соц. рев-ясынан кийин СССРде сов. С. калыптанып, ил. кызматкерлер өскөн. 1920—30-ж. Батышта да Кытай үйрөнүү б-ча жаңы ин-ттар, ил. борборлор түзүлгөн. 1949-ж. Кытай элдик рев-ясынын жеңиши С. илимининн өнүгүшүнө жаңы өбөлгө түзгөн. Бирок импер. мамлекеттердин башкаруу чөйрөсүндөгү синолог, политологдордун (С. Шрам, Улуу Британия; Х. Хинтон, Д. Барнетт, АКШ ж. б.) Кытай компартиясы ж-а КЭРдин саясаты б-ча бурж. либералдык ж-а антикоммунисттик көз караштагы эмгектери чыккан. Экинчи дүйн. согуштан кийин СССРде да кытай таануу тез өнүгүп, жаңы борборлор түзүлүп, монография, окуу куралдары ж. б. жазылып, маонизмди терең ж-а принциптүү сынга алуу б-ча иш жүргүзүлүүдө. Буга В. А. Масленников, М. И. Сладковский, М. С. Капица, О. Борисов ж. б-дын эмгектери кирет. С. маселесин Москвада Чыгыш таануу ин-ту ж-а аның Ленинград бөлүмү, СССР ИАның Ы. Чыгыш, Философия, Этнография ин-ттары, МГУнун Азия ж-а Африка өлкөлөрү ин-ту ж. б. борборлор изилдейт. Европада С. Оксфорд, Кембриж, Париж, Мюнхен, Берлин, Прага, Варшава ж. б., АКШда Колумб, Гарвард ж. б., Японияда Токио, Киото ун-ттериңде окутулат.

Ад.: Великий Октябрь и развитие сов. китаеведения. [Сб. ст.], М., 1968; Ковалев Е. Ф., Изучение Китая в Советском Союзе, «Советское востоковедение», 1955, № 3; Никифоров В. Н., Советские историки о проблемах Китая, М., 1970; Солнцев В. М., Некоторые актуальные задачи изучения китайского языка, «Проблемы Дальнего Востока» 1972, № 3.

СИНОНИМ (гр. synonymos — аты бирдей дегенден) — бир тилдеги тыбыштык жагы ар башка, бирок мааниси бирдей же бири бирине өтө жакын сөздөр. С. сөздөр тыбыштык өзгөчөлүгүнө карабастан бир эле түшүнүктү билдирип, бир сөз түркүмүнө тиешелүү болот. Мис., адам — киши, эл — калк — журт — калайык (зат атооч), кооз — сулуу — көркөм, таттуу—ширин (сын атооч), айт-де—сүйлө (этиш). Мааниси ж-а колдонулушу жагынан бири бирине дал келишине карай абсолюттуу (толук) ж-а салыштырмалуу С. деп бөлүнөт. Сөздөр гана эмес, морфемалар, синтаксистик конструкциялар, фразеологиялык айкалыштар да С-дөш болушу мүмкүн.

Ад.: Очерки по синонимике современного русского литературного языка, М.—Л., 1966; Апресян Ю. Д., Лексическая семантика. Синонимические средства языка, М., 1974; Александрова З. Е., Словарь синонимов русского языка, 4 изд., М., 1975; Словарь синонимов, Л., 1976; Жапаров Ш., Азыркы кыргыз тилиндеги синонимдер, Фр., 1971.

СИНОПТИКАЛЫК КАРТА, аба ырайынын картасы — аба ырайына бир мезгилде жүргүзүлгөн байкоолордун маалыматы цифралар ж-а шарттуу белгилер аркылуу түшүрүлгөн геогр. карта. С. к. аба ырайын талдоо ж-а прогноздоо б-ча негизги материал катары колдонулат. Ал бүт Жер шары б-ча же аның кайсы бир аймагына түзүлөт. С. к. жер бетиндеги (жер бетиндеги байкоолордун маалыматы б-ча түзүлгөн) ж-а бийиктеги (атм-раның бийик ж-а бийиктеги байкоолор б-ча) болуп бөлүнөт. Милдетине карай С. к-нын негизги катары түрдүү масштаб ж-а проекциядагы бланк картасы пайдаланылат. СССРде Түн. ж-а Түш. жарым шардын С. к-сы үчүн 1:30 000 000, СССРдин аймагы, чектеш өлкөлөр үчүн 1:15 000 000, өлкөнүн айрым райондору үчүн 1:5 000 000 ж-а 1:2 500 000 масштабы кеңири колдонулат.

СИНОПТИКАЛЫК МЕТЕОРОЛОГИЯ — *метеорологиянын* аба ырайын алдын ала айтуу максатында атм-радын ала айтуу ж-а аба ырайынын өзгөрүшүнүн изилдөөчү бөлүмү. С. м. б-ча изилдөөнүн негизги материалы катары *синоптикалык карта*, атм-раның вертикаль б-ча кесилиши, аэрологиялык диаграммалар ж. б. эсептелет. Синоптикалык карта аба массасынын, атмосфералык фронттун, циклон, антициклон, аба агымы ж. б-дын структурасын, эволюциясын, кыймылын аныктоого мүмкүндүк берет. Синоптикалык анализде бул картадан башка дагы булуттуулуктун сүрөтү, булутка, жаан-чачынга жүргүзүлгөн байкоолордун маалыматы пайдаланылат. Ал маалыматтарды изилдөөдөн чыккан закон ченемдин негизинде гидродинамика теориясына таянып, аба ырайынын прогнозу түзүлөт.

Ад.: Зверев А. С., Синоптическая метеорология, Л., 1968; Лоренц Э. Н., Природа и теория общей циркуляции атмосферы, пер. с англ., Л., 1970.

СИНТАГМА (гр. sýntagma — бирге курулган, кошулган дегенден) — көп мааниде аныктооч м-н аныкталчу компоненттин ортосундагы катышка байланышы бар тил элементтеринин бардык ырааттуу катары. Сөздөрдүн ырааты, тутуму сыртқы С., морфемалардыкы ички С. болот. Мис., «аянтча» деген сөз — ички С. Анткени «аянт» С-ның аныкталчу, -ча аныктоочу болгүү катары келди. Ал эми «кичинекей аянт» деген — сыртқы С. Мында «кичинекей» — аныктооч, «аянт» аныкталчу компонент милдетин аткарат. Тар мааниде С.— сөз тизмеги, ал эми сүйлөм—С-лардын туташ ырааты. С. бир бүтүн маани түюнтүп, бир же бир нече ыргактык топтон турат. Сүйлөмдө фраза маанилик өзгөчөлүктөрө, логикалык басымга, синтаксистик омонимияларга көз каранды. Ошого жараша ал С-га да түрдүүчө ажырайт. Мис., кечээ /күн суук болду; кечээ күн/суук болду.

Ад.: Щерба Л. В., Фонетика французского языка, 7 изд., М., 1963; Виноградов В. В., Понятие синтагмы в синтаксисе русского языка. Исследования по русской грамматике, М., 1975.

СИНТАГМАТИКА, синтагматикалык план — тилди изилдөөдөгү *парадигматикага* каршылаш аспект. Анда тил бирдиктеринин синтагмалык карым-катышы изилденет. Изилдөөнүн бул эки аспектисинин айырмачылыгы тил бирдигинин эки түрдө — системада (тил) ж-а тексте (речь) колдонулушунун ортосундагы айырмачылыкты чагылдырат. С-да тил бирдиктери бирдей ж-а биринин ордуна бири колдонула берчү перспе эмес, позициялык жактан претке салынган перспе катары каралат. Парадигматикада бирдиктердин айырмасы абсолюттуу мүнөзгө ээ болсо, С-да салыштырмалуу: кайсы бир позицияда бирдиктер айырмаланса, башкаларында жарым-жартылай же толугу м-н окшошун түшөт. С-да туюнтма планы гана эмес, мазмун планынын бирдиктери да изилдөөгө алынат. Позиция ж-а контекст — С. теориясындагы негизги түшүнүк. Кээде С. синтаксистин сөз айкаштарын изилдей турган бөлүгү катары кыйла тар мааниде да колдонулат.

СИНТАКСИС — *грамматиканын* бир бөлүмү; *сүйлөмдүн* курулушун ж-а жалпы каспеттерин изилдейт. Негиз салуучусу катары грек грамматигги А. Дионол (2-к.) эсептелет. С-ке лингв. ойдун өнүгүшүнүн ар кайсы этабында ар башка маани берилип, ар башка милдет жүктолүп келген. Эртеги лингв. салтта С. деп сүйлөм ж-а анын бөлүктөрү ж-дөгү окуу гана аталган. Ал эми сүйлөмдү талдоо иши логиканын объектисине кирген, б. а. ал кездерде С. сүйлөмдө туюнтулган ойду изилдеген. 19-к-дын экинчи жарымында тилдердин улуттук өзгөчөлүктөрүнө көңүл бөлүнө баштап, ал өзгөчөлүктөрдү көбүнчө морфологиядан издегенге байланыштуу С. сүйлөмдө сөз топторунун же сөз түркүмдөрүнүн аткарган милдети ж-дөгү окуу деп эсептелген. Бирок бул окуу деле сөз түркүмдөрүнүн эле С-и болуп, анда сүйлөм өзүнчө бирдик катары каралган эмес. С-ти азыркыча түшүнүү немец окумуштуусу П. Ристен башталат. Рис С-ти сөз ж-дөгү эмес, сөз айкаштары ж-дөгү ж-а ал айкаштарды формасы м-н мазмуну жагынан сыпаттап жазуу окуу катары караган. Рис баштаган бул багытты В. Матезиус улантып, С-ти номинациялык бирдиктердин комбинацияланууу каражаттары ж-а ыктары ж-дөгү окуу деп аныктаган. С. ж-дөгү окуунун бул багытта өөрчүтүлүп отурушу анын предмети эки өз алдынча тармактан турарын аныктаган: создердүн айкашуу (байланышуу) потенциясы ж-дөгү окуу — синтагматикалык С. ж-а сүйлөм ж-дөгү окуу — сүйлөм С-и. Синтагматикалык С-те создердүн, сөз түркөтөрүнүн С-тик байланышы изилденет (к. *Сөз айкалышы).* Сүйлөм С-инде сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн — эә м-н баяндоочтун — айкалышуу жолдору (предикативдик байланыштын типтери), о. эле сүйлөмдүн жалпы каспеттери (модалдуулугу, С-тик убакыт, коммуникациянын максаты ж. б.) каралат. С-тин бул бөлүгүнө сүйлөм мүчөлөрү ж-дөгү окуу да кирет.

Ад.: Шахматов А. А., Синтаксис русского языка, 2 изд., М.—Л., 1941; Мещанинов И. И., Члены предложения и части речи, М.—Л., 1945; Пешковский А. М., Русский синтаксис в научном освещении, М., 1956; Виноградов В. В., Из истории изучения русского синтаксиса, М., 1958; Хомский Н., Синтаксические структуры, пер. с англ., в кн. Новое в лингвистике, в. 2, М., 1962; Грамматика современного русского литературного языка, М., 1970; Сартбаев К. К., Кыргыз тилиндеги кошмо сүйлөмдүн синтаксиси, Фр., 1957; Жанышов Ы., Азыркы кыргыз тилинин жөнөкөй сүйлөмүнүн синтаксистик түзүлүшү, Фр., 1965; Жапаров А., Азыркы кыргыз тилиндеги сөз тизмегинин грамматикалык структурасы, Фр., 1955; его же, Главные члены предложения в современном киргизском языке, Фр., 1964; ошонуку, Азыркы кыргыз тили, Фр., 1966.

СИНТЕЗ (гр. sýnthesis — бириктүү, айкалыштуу) — практикалык иш-аракетте же тааным процессинде объектинин түрдүү элементтеринин ж-а жактарынын бириктиш, бир бүтүнгө айланышы. С. анализ м-н ажырагыс байланышта, алар бири бирин толуктайт. С. ж-а анализ жог. типтеги жаңыбарлардын кыймыл-аракетин шарттайт, о. эле ЭЭМдин программаларында, иск-водо ж. б. колдонулат. Таанымда ар кандай түшүнүктүн калыптанышы С. ж-а анализ процесстери м-н шартталат. Тигил же бул кубулушту изилдөөдөгү эмпирикалык маалыматтар теориялык жалпылоодо С-делет. Илимде С. бир кубулушка арналган теорияларды өз ара байланышын же атаандаш теорияларды биригишин (мис., азыркы физикада корпускулалык ж-а толкун түшүнүктөрүнүн С-и) билдирет. Диалек. методдун абстракттуулуктан конкреттүүлүккө өтүүсү — С-дин бир формасы. Азыркы илимге бир дисциплинанын ичиндеги, о. эле дисциплина аралык С. мүнөздүү (мис., биохимия, эконометрика ж. б.). 20-к-да түрдүү дисциплинанын объектилеринин структурасы ж-дөгү маалыматтарды С-доочу интеграциялык илимдер пайда болду (мис., кибернетика ж. б.).

Ад.: Горький Д. П., Проблемы общей методологии науки и диалектической логики, М., 1966; Синтез современного научного знания, М., 1973.

СИНТЕЗДЕЛГЕН ЖАНА ЖАСАЛМА АЗЫКТАР — айрым азык заттардан (белоктон жө аны түзүүчү аминокислоталардан, углевод, май, витамин, микроэлементтен ж. б.) жасы технол. ыкмада жасалуучу белоктуу тамак-аш азыктары; сыртқы көрүнүшү, даамы ж-а жыты б-ча табигый азыктарга окшош. Синтезделген азыктар (СА) — хим. синтезден алынган заттардан даярдалчу азыктар. Азыркы синтетикалык орг. химия каалаган азык заттарды синтездоого мүмкүндүк берет, бирок ири молекулалуу бирикмелерди синтездөө өтө татаал болгондуктан САны даярдоо экон. жактан ыңгайсыз. Ошондуктан тамактануунда хим. синтез азыктарынан кичине молекулалуу витаминдер ж-а аминокислоталар гана колдонулууда.

Жасалма азыктар (ЖА) — табигый азык заттардын эритиндисин же дисперсиясын килкилдек пайда кылуучу заттар м-н аралаштыруунун негизинде жасалып, белгилүү бир азык затынын структурасындай ж-а формасындай даярдалган белоктуу азыктар. Азыр ЖАны өндүрүүдө: 1) өсүмдүк (буурчак, соя, арахис, гозо чигити, күн карама даны ж. б.) ж-а жаныбар (сүттүн казеини, балыктын баалуу эмес түрлөрү ж. б.) сырьёлорунан болүнүп алынган белоктор; 2) түрдүү микроорганизмдер синтездеген белоктор колдонулат. С. ж. ж. а-ды алуу ж-дөгү ойду 19-к-дын аягында Д. И. *Менделеев* ж-а П. Э. М. *Бертло* айтышкан. СССРде САны ж-а ЖАны алуу б-ча ил. из. иштери 1960—70-жылдардан башталды. Аны көптөгөн ил. из. институттар жүргүзөт. Соя, арахис, казеин белогунан жасалма эт ж-а этке окшош азыктарды өндүрүү б-ча АКШда 1-патент 1956—63-ж. алынган.

СИНТЕТИКАЛЫК БУЛАЛАР — синтет. полимерден алынган *химиялык булалар.*

СИНТЕТИКАЛЫК КАУЧУК — табигый каучук сыяктуу резинага айландыруга мүмкүн болгон синтет. полимерлер. Алардан жүк ташуучу тасма ленталар, бут кийим жасоодо пайдаланылуучу жог. серпилгичтүү ж-а түрдүү орг. эритикчтерге, май, кычкылтек, озонго, ысык, суукка туруктуу, өзгөчө сапаттагы резиналар алынат. С. к-ту полимерлоодо каучуктун мол. массасын талапка ылайык жөнгө салууга болот. Каучукту алууда эритмеден бөлүү, катализатор, эмульгатор ж. б. кошулмалардын калдыктарынан тазалоо, кургатуу, брикеттөө ж. б. технол. процесстер иштелет. С. к-ту синтездөөдө колдонулуучу мономерлер — *бутадиен, изопрен, стирол* ж. б. нефть, о. эле *крекинг* газдарынан алынат. 1932-ж. С. В. *Лебедевдин* методу м-н натрийбутадиен С. к. дүйнөдө биринчи болуп СССРде алынган. С. к. табигый каучукка салыштырганда алынышы арзан ж-а айрым өзгөчө сапаттарына байланыштуу кеңири колдонулат, к. *Бутадиен каучугу, Бутадиен-стирол каучугу, Бутил каучугу, Изопрен каучугу* ж. б.

Ад.: Уитби Г. С. [ред.], Синтетический каучук, пер. с англ., М.—Л., 1957; Литвин О. Б., Основы технологии синтеза каучуков, М., 1972.

СИНТЕТИКАЛЫК МАШЛАР — түрдүү машина, приборлордо майлагыч май же жумушчу суюктук катары керектелүүчү орг. ж-а элемент орг. бирикмелер. Ө. ж-да синтет. углеводороддор, полиорганосилоксандар, көмүртек галогенциддери, эфирлер, полиалкиленгликолдор С. м. катары колдонулат. С. м-дын нефтиден алынган майларга караганда майлоо сапаты, кычкылданууга, бууланууга туруктуулугу жогору ж-а тоңуу темп-расы төмөн. Алар орг. бирикмелерден полимерлөө, конденсациялоо ж. б. жолдор м-н алынат.

СИНТЕТИКАЛЫК СИЛИКАТТАР — кремний же алюмокремний к-таларынын жөнөкөй ж-а татаал туздары. С. с. — цемент, айнек, фарфор, фаянс, эмаль ж. б-дын составдык бөлүгү. Ал составында SiO_2, Al_2O_3, CaO, K_2O ж. б. бар сырьёлук аралашманы ысытканда пайда болот. Жегич металлдардын С. с-ы сууда эрийт; Na, K силикаттары суюк айнек деп аталып, самын кайнатууда, боёк, желим жасоодо колдонулат. Эки ж-а үч валенттүү металлдардын С. с-ы отко чыдамдуу ж-а хим. жактан туруктуу.

СИНТЕТИКАЛЫК СУЮК ОТУНДАР — синтет. жол м-н алынып, түрдүү кыймылдаткычтарда отун катары жумшалуучу углеводороддор аралашмасынан турган күйүүчү суюктуктар. Алар табигый газдарды ж-а көмүрдү кайра иштетүүдө алынган СО м-н H_2нин аралашмасынан синтезделет. Бул процесс жог. темп-ра ж-а басымда катализаторлордун (Ni, Co, Fe ж. б.) катышуусу м-н өтөт.

СИНТЕТИКАЛЫК ТИЛДЕР — грамат. маанилерди туюнтууда синтет. формалары басымдуу тилдердин типологиялык тобу; полисинтет. ж-а аналит. тилдерге тескери түзүлүштөгү тилдер. Тилдерди синтет. ж-а аналит. деп бөлүштүрүү немец окумуштуусу А. Шлегель тарабынан сунуш кылынган (флексиялама тилдер үчүн гана). А. Шлейхер (бул да немец окумуштуусу) мындай бөлүштүрүүнү агглютинациялама тилдерге карата да колдонгон. С. т-деги морфемалар агглютинация, фузия принциптери б-ча биригип, позициялык алмашууга учурашы мүмкүн (мис., түрк тилдериндеги *үндөштүк закону).* Синтет. форма дүйнө тилдеринин көпчүлүгүнө мүнөздүү.

Ад.: Кузнецов П. С., Морфологическая классификация языков, М., 1954; Успенский В. А., Структурная типология языков, М., 1965; Рождественский Ю. В., Типология слова, М., 1969; Лингвистическая типология, в кн.: Общее языкознание, т. 2, М., 1972.

СИНТЕТИКАЛЫК ЧАЙЫРЛАР — мол массасы анча жогору эмес синтет. *полимерлер.* Аларга карбамид чайырлары, *фенол-альдегид чайырлары, полиэфир чайыры, эпоксид чайыры* ж. б. кирет. Полимерлөө, поликонденсация жолдору м-н алынат. С. ч. пластмасса, лак-боёк, клей өндүрүшүндө, о. эле кездеме, кагаз ж. б. иштетүүдө кеңири колдонулат.

СИНТЕТИКАЛЫК ЭСЕП (синтез эсеби) — экон. жактан бир түрдүү чарба каражаттардын ж-а анын булактарынын, чарба процесстеринин акчалай жалпы туюнтмасы. С. э. ишкана, уюм, мекемелердин чарб.-финансылык ишинин жыйынтыкталган маалыматтарын алууда колдонулат. С. э. бардык чарб. операциянын өз ара байланышын текшерүүгө ж-а алардын эсепте толугураак, туура чагылышын контролдоого шарт түзөт. Ишканада С. э-тип жардамы м-н негизги өндүрүш куралдарының, сырьё ж-а материалдардын, өндүрүш чыгымынын жалпы саны аныкталат. Финансы-кредит мекемелеринде С. э. бюджеттин аткарылышын ж-а кредит операцияларын контролдоого колдонулат.


СИНТОМИЦИН — *левомицетиндин* оптикалык изомерлеринин кошулмасы. С-дин 1%, 5% же 10% эмульсиясы ириңдүү сезгенүүлөрдө сыйпалат.

СИНУЗИЯ (гр. synusia — бирге болуу, жамаатташтык) — экологиялык жактан окшош бир же бир нече өсүмдүк түрлөрүнүн *тиричилик формаларын* бириктирүүчү өсүмдүк жамаатынын бири. Мис., токойдогу мелүүн алкакта ондогон С. болот. С. өсүмдүктөрдү изилдөөдө баштанкы объект болуп эсептелет.

СИНУС — тригонометриялык функциялардын бири; белгилениши — sin. Тик бурчтуу үч бурчтукта тар бурчтун С-у деп, ал тар бурчка карама-каршы жаткан катеттин гипотенузага болгон катышы айтылат.

СИНУСИТ (лат. sinus — көңүл) — мурундун кошумча көңүлдарынын сезгениши. Катуу карыган С. көбүнчө жугуштуу оорулардын кабылдоосунан болот. Анда эт ысып, баш ооруйт, мурундан суюктук көп чыгат. С. катардуу же ириңдүү болот. Үстүңкү жаактын көңүлүнүн сезгениши — гайморит, маңдай көңүлүнүкү фронтит деп аталат. Дарылоодо сезгенүүгө каршы дарылар, физиотерапия, компресс ж. б. колдонулат.

СИНУСОИДА, $y=\sin x$ функциясынын графиги: x аргументинин өзгөрүшүнө жараша синустун өзгөрүшүн сүрөттөөчү тегиздиктеги ийри сызык. С. *Ox* огун $180°k$ (же πk) чекиттерде кесип өтөт; $x=90°+$ $+360°k$ (же $\pi/2+2\pi k$) чекиттеринде максимумга, ал эми $x=-90°+360°k$ (же $-\pi/2+2\pi k$) чекиттеринде ($k=0, \pm1, \pm2, \ldots$) минимумга ээ. Көбүнчө С. деп, $y=A\sin(\omega x+\varphi_0)$ теңдемеси м-н аныкталган ийри сызык айтылат, бул ийри сызык $y=\sin x$ ийри сызыгын *Ox* огу б-ча ω эсе чоюудан, *Oy* огу б-ча A эсе чоюудан ж-а *Ox* огу б-ча $-\varphi_0/\omega$ аралыкка жылдыруудан пайда болот. Мында A — амплитуда, ω — айлануу жыштыгы, φ_0 — башталгыч фаза деп аталат.



СИНУС-СПИРАЛДАР — үюлдук координаталар системасында $r^n=a^n \sin n\varphi$ теңдемеси аркылуу аныкталган ийри сызыктар. Мында n — рационалдык сан. С.-с-дын $n=1, -1, -2, 2, \frac{1}{2}, -\frac{1}{2}$ ге туура келген айрым учурлары; *айлана, туз сызык,* теңкапталдуу гипербола, *лемниската,* кардиоида, *парабола.* Логарифмдик спиралды С.-с-дын $n=0$ болгондогу кандайдыр бир [(1) теңдеме маанисин жоготсо да] пределдик учуру катары кароого болот. С.-с-дын радиус-вектору үюлдун айланасында бир калыпта кыймылга келген кезде жаныма сызык жануу чекитинин айланасында бир калыпта айланат. Ошондуктан С.-с. пропорционалаш ийилиштин ийри сызыгы деп да аталат.

СИНУСТАР ТЕОРЕМАСЫ — каалагандай үч бурчтуктун a, b, c жактары м-н аларга карама-каршы жаткан A, B, C бурчтарынын өз ара катышын туюнтуучу тригонометриялык теорема. С. т-нын мазмуну

$$\frac{a}{\sin A}=\frac{b}{\sin B}=\frac{c}{\sin C}=2R$$

барабардыгы м-н аныкталат, мында R — үч бурчтукка сырттан сызылган айлананын радиусу. С. т. геом. маселелерди (планиметрияда ж-а стереометрияда) эсептеп чыгарууда кеңири колдонулат.

СИНХРОНДОШТУРУУ (гр. sýnchronos — бир мезгилдүү) — эки же бир нече процессти бирдей фазада же бир убакта болуп өткөндөй абалга келтирүү. 1) Электр байланышында — радио бергичтен келген электр термелүүлөрү (сигналдары) м-н жардамчы (мис., кабылдагычта генерацияланган) электр термелүүлөрдүн жыштыгын ж-а фазасын бирдей абалга келтирүү. 2) Үндүү кинодо — сүрөттүн *кинопленкага* түшүрүлүп, ал эми сөзү магнит лентасына жазылып, *синхрондуу киного тартуу* ыкмасы м-н тартылган фильмди көрсөтүүдө сүрөттүн көрүнүшү м-н үндүн угулушун убакыт б-ча бири бирине так дал келтирүү.

СИНХРОНДУУ ИМПУЛЬСТАР ГЕНЕРАТОРУ, синхрогенератор — берилген формадагы импульстардын ар кандай түрлөрүн, алардын ортосундагы убактылуу жылыштарын иштеп чыгуучу электрондук түзүлүш. Ал негизинен сүрөттөлүштү жайылткыч (развертка), түзүлүштүн ишин башкара тургандай синхрондоштуруч (сан ж-а кадр импульстарын) ж-а басандаткыч импульстарды пайда кылуу үчүн телекөрсөткүч (телеборбордогу) аппаратураларда ж-а каналдары убактылуу болуштүрүлүүчү көп каналдуу байланыш аппаратурасында колдонулат.

СИНХРОНДУУ КИНОГО ТАРТУУ — үндү кошо жазып *киного тартуу.* С. к. т-да үн сүрөт тартылып жаткан *кинопленкага,* же болбосо өзүнчө кинопленкага, же магнит лентасына фотографиялык же магниттик жол м-н жазылат. Эгер үн өзүнчө лентага түшүрүлө турган болсо, анда жазылып, сүрөттөлүш өзүнчө пленкиного тартуучу ж-а үн жазуучу аппараттардын лентасы так бирдей ылдамдык м-н жылдырылууга тийиш. Ал үчүн эпизодду тартарда ж-а фонограмманы жазарда сигналдуу белги берилет. С. к. т-да аз шуулдай турган киного тартуучу ж-а жарык берүүчү аппарат колдонулат. С. к. т-га арналган павильондорду курууда үн сициргич ж-а үн өткөрбөс материалдар колдонулат. С. к. т. көркөм, хроникалуу-документтүү, окуу ж-а ил. популярдык фильмдерди тартууда колдонулат.

СИНХРОНДУУ МАШИНА — роторунун айлануу ылдамдыгы магнит талаасынын айлануу ылдамдыгы же тармак жыштыгы м-н туруктуу катышта болгон үч фазалуу өзгөрмө токтун электр машинасы. С. м. кыймылсыз бөлүктөн (статор) ж-а айланууучу бөлүктөн (ротор) турат. Статордун оромунда э. к. к. түзүлгөндүктөн көздө С. м-ның статору якорь деп да аталат. Конструкциясы б-ча С. м. роторунда уюлдарының өзөгү ж-а орому ачык көрүнүп турган айкын уюлдуу, роторунда уюлдарының өзөгү ачык көрүнбөгөн айкын уюлсуз болуп эки түргө бөлүнөт. С. м. негизинен өндүрүш жыштыктуу ток алуу үчүн энергетикада синхрондуу генератор катары кеңири таралган. Мын-

дан башка да айлануу ылдамдыгы туруктуу электр кыймылга келтиргичтеринде кубаттуу кыймылдаткычтар, о. эле электр тармагынын реактивдүү тогун компенсациялоо үчүн синхрондуу компенсациялагыч катары колдонулат.

Ад.: Вольдек А. И., Электрические машины, 2 изд., Л., 1974.

СИНХРОНДУУ ЭСЕПТЕГИЧ МАШИНА — операцияны аткарууну баштоо ж-а аяктоо моменти башкаруучу түзүлүштөн берилүүчү ЦЭМ. С. э. м-да операцияны аткарууга болгонго убакыт интервалы — жумушчу такт машинаны түзө баштаган процессте эле алдын ала эсептелинет. Андай болбогондо бардык операциялар эң узак созулган операцияга туура келген убакытта аткарылышы мүмкүн. Жалпы алганда бирдей убакытта аткарыла турган операциялар өзүнчө айрым топторго бөлүнүп, ар бир топ үчүн максимум убакыт берилет да, ага дал келүүчү жумушчу такт белгиленет. Конструкциясы ж-а схемасы б-ча С. э. м.— эң жөнөкөй; аны түзүү, иштетүү, пайдалануу жеңил. Көп учурда бир эле ЦЭМ синхрондуу да, асинхрондуу да принципте иштейт. Борб. процессор синхрондуу, четки түзүлүшү асинхрондуу иштеши мүмкүн.

СИНХРОНИЯ (гр. sýnchronós — бир учурда, доордо) — тилдин (же белгилер системасынын) бир учурдагы, доордогу абалынын изилдениши, ыкма-багыты. С-лык изилдөө байыркы инди, соңку античный ж-а жаңы европ. грамматикаларда (18-к-дан тартып) кеңирээк каралган, бирок 20-кдын башында гана аның теориялык жагын Ф. де *Соссюр* чечмелеген да, тилдин бардык элементтери (каражаттары) бири бири м-н карым-катышта болуп, С-нын системасын (байланышын) түзөрүн айткан. Ил. изилдөөлөрдө С-га *диахрония* шарттуу түрдө салыштырылат же карама-каршы коюлат.

Ад.: Соссюр Ф. де, Курс общей лингвистики, пер. с франц., М., 1933; О соотношении синхронного анализа и исторического изучения языков, М., 1960; Косериу Э., Синхрония, диахрония и история, в кн.: Новое в лингвистике, в. 3, М., 1963.

СИНХРОТРОН [гр. sýnchronos — бир убакта ж-а *(элек)трон*]— радиусу туруктуу орбита б-ча электрондорду цикл-дүү резонанстуу ылдамдаткыч; С-до электрондор убакыт өткөн сайын улам күчөй турган магнит талаасында туруктуу жыштыктагы электр талаасы м-н ылдамдатылат. С-дун магнити шакекче түрүндө болуп, аның көндөйчесүнө электрон булагы бар вакуум камерасы орнотулат. Ылдамдатылуучу электрондор С-дун улам күчөгөн магнит талаасында тегерек орбита б-ча кыймылдайт. Ал энергияны жог. жыштыктуу электр талаасынан алат. С. электрондорду ондогон *Мэв*ден бир нече *Гэв*ге чейинки энергияга ылдамдатат, к. *Заряддалган бөлүкчөлөрдү ылдамдаткыч.*

СИНХРОФАЗОТРОН, протондук синхротрон — туруктуу радиустуу орбита б-ча протондорду цикл-дүү резонанстуу ылдамдаткыч; С-до протондор убакыт өткөн сайын улам күчөй турган магнит талаасында кыймылдаганда алар жыштыгы өзгөрмө жог. жыштыктуу электр талаасынын таасири м-н ылдамдатылат. С. протондорду ондогон *Гэв* энергияга чейин ылдамдатат.

СИНЬХАЙ РЕВОЛЮЦИЯСЫ — 1911—13-ж. Кытайдагы бурж. рев-я, маньжурлардын Цин династиясын (1644—1911) кулатып, Кытай респ-касын орнотkон. Эски кытай календары б-ча «Синьхай» жылы башталгандыктан аның атынан аталган. 1911-ж. 10-октябрда Учан ш-нда аскерлердин көтөрүлүшү м-н башталып, Тунмэнхой рев-ячыл уюмунун жетекчилиги м-н бир провинциядан экинчисине тарап, көп узабай эле Цин династиясын кулаткан. 1912-ж. 1-январда Нанкин ш-нда *Сунь Ят-сен* башында турган Убактылуу респ-калык өкмөт түзүлгөн. С. р-на улуттук буржуазия, дыйкандар, жумушчулар ж-а шаардык майда буржуазия катышкан. Көтөрүлүштү жетектеген Тунмэнхой уюму антимпер., антифеод. программасынын жоктугунан эл массасын кеңири тарта алган эмес. Ички ж-а тышкы контррев-ячылардын кысымынан улам 1912-ж. февралда президент Сунь Ятсен отставкага чыгууга аргасыз болгон. Бирок 1913-ж. августта аның чакырыгы м-н чыккан экинчи жолку көтөрүлүш бэйян аскерлеринен жеңилип, өлкөдө аскердик-феод. диктатура орногон.

Ад.: Буржуазная революция в Китае и Сунь Ят-сен (1911—1913 гг.), М., 1974; Белов Е. А., Учанское восстание в Китае (1911 г.), М., 1971 (лит. с. 230—42).

СИНЬХУА (Жаңы Кытай) — КЭРдин информ. агентствосу. Пекинде. 1938-ж. Яньань ш-нда Кытай компартиясынын информ. органы катары негизделген. Кытай эл респ-ка болуп жарыялангандa (1949) КЭРдин мамл. информ. агентствосуна айланган.

СИНЬЦЗЯН-УЙГУР АВТОНОМИЯ РАЙОНУ, Синьцзян Кытайдын түн.-батышында. СССР, Афг-н, Индия, МЭР м-н чектешет. Аянты 1600 миң *км*². Калкы 7270 миң (1972). Негизинен уйгур, казак, кыргыз (98 800, 1975), монгол ж. б. жашайт. Борбору — Үрүмчү ш.

Жеринин көбүн Жунгар ж-а Кашкар түздүктөрү ээлейт. Аларды Чыгыш Тянь-Шань, Монгол Алтайы, Саур, Тарбагатай, Куньлунь, Кара-Корум тоолору курчап жатат. Эң бийик жери — Чогори чокусу (8611 *м*, Кара-Корумда), эң ойдо жери — Турпан чуңкурдугу (деңиз деңг. 154 *м* төмөн). Климаты кургак, кескин континенттик. Жылдык жаан-чачыны 200—800 *мм*. Дарыялары: Тарим, Иле, Иртыш; көлү — Лобнор.

Экономикасынын негизин а. ч. түзөт. Аймагынын 2% иштетилет. Негизги а. ч. өсүмдүктөрү: буудай, жүгөрү, шалы, пахта, жүзүм. Багбанчылык ж-а бакчачылык өнүккөн. Кой, эчки, уй, төө, жылкы багылат. Жеринен нефть, көмүр ж-а сейрек асыл металлдар, слюда ж. б. казып алынат. Нефть казып алуу б-ча өлкөдөгү ири район. Металлургия (Үрүмчү ж-а Хами ш.), машина куруу (автомобиль жыйноо ж-а ремонттоо, а. ч. машиналарын куруу), химия, курулуш материалдар, текстиль ж-а булгаары ө. ж. ишканалары бар. Кол өнөрчүлүк өнүккөн. Негизги транспорту — темир жол.

Тарыхы. Б. з. ч. 1-миң жылдыкта Синьцзян аймагында мал багуу ж-а аң уулоо м-н кесип кылган көчмөн уруулар, этносу ар түрдүү отурукташкан уруулар: иран-түрк ж-а монгол тилдеринде сүйлөгөн элдер жашаган. Б. з. ч. 3—2-к-да бул жер гуннидарга караган. Кытайлык Хань династиясынын (б. з. ч. 206—б. з. 220) гуннидарга каршы баскынчыл согуштарынан кийин убактысында Хань династиясына баш ийген. 3—6-к-да алгач сяньбилерге, кийин жужандарга, 6-к-дын 2-жарымынан түрк каганддыгына, 7-к-да Тан империясына баш ийген. Түш. бөлүгүн 7-к-дын 70-жылдарында Тибет басып алган. Бул мезгилде Чыгыш Түркстан м-н Жунгар жеринде феод. мамилелер үстөмдүк кыла баштаган. 9-к-дын ортосунда Орхон, Селенга д-ларынын алабынан көчүп келген уйгурлар 10-к-да өзүлөрүнүн Турфан мамлекетин курган. Анда 13—15-к-да монголдор бийлик кылган. Темур империясы кулаган соң (15-к.) мында бир нече мамлекет болгон. 18-к-дын 50-жылдарынын акырында С-да Цин империясы үстөмдүк кылган. 18—19-к-да С-да кытай-маньжур эзүүсүнө каршы көтөрүлүш болуп, натыйжасында Якуб-бек м-н дунган шаарларынын союзу башкарган уйгур мамлекети түзүлгөн. Көтөрүлүштөрдү баскандан кийин Чыгыш Түркстан м-н Жунгар жери Цин империясынын провинциясы—С. болуп аталган.

1912-ж. Синьхай рев-ясы (1911—13) мезгилинде С-да Цин үстөмдүгү кулатылган. Бирок пекиндик Юань Шикайдын колдоосу м-н Ян Цзэн-синдин согуштук диктатурасы орногон. 1931-ж. С-да бошт. көтөрүлүштөр башталып, 1933-ж. Үрүмчүдө Шэн Ши-цай баштаган прогрессчил бийлик орногон. Ал Совет өкмөтү м-н байланыш түзгөн. Бирок 40-жылдардын башында чанкайшилик гоминдан өкмөтүнө баш ийип, реакцялчыл саясат жүргүзгөн. Бул демокр. рев-лчыл кыймылдын өсүшүнө түрткү берген. Ошол кыймылдын натыйжасында 1945-ж. сентябрда Иле, Тарбагатай, Алтай округдарынан Гоминдан өкмөтү кулаган. Иш жүзүндө С-да рев-ялык демокр. ж-а гоминдан лагерлери калыптанган. 1946-ж. январда Үрүмчүдө алардын ортосунда тынчтык келишимге кол коюлуп, С-дагы бардык элдин, социалдык катмарлардын өкүлдөрү катышкан коалициялык өкмөт түзүлгөн. 1949-ж. Кытайда элдик рев-я жеңери м-н гоминьдандыктар тынчтык жол м-н баш ийишкен. 50-жылдарда С. эли Совет өкмөтүнүн жардамы м-н коомдук-саясий, экон., маданий ийгиликтерге жетишкен. 1954-ж. агрардык реформа аяктап, а. ч-сын кооперациялаштыруу жүргүзүлгөн. 1955-ж. КЭРдин провинциясы — Синьцзян-Уйгур автономия р-ну болуп кайра түзүлгөн. КЭРдин башчыларынын ички тышкы саясатындагы өзгөрүүлөр С. элин улуттук кемсинтүүгө алып келип, маданий рев-янын жүрүшүндө (60-жылдардын 2-жарымы) улуттук автономия жалган ураанга айланган. С-ды кытайлаштыруунун күчөшү, уйгур, казак, кыргыз, монгол ж. б. кытай эмес калктарды кумдуу, кургак жерлерге көчүрүү С-да нааразылык туудуруп, улуттук карама-каршылыкты курчутууда.

Архитектура ж-а сүрөт өнөрү. С-дын байыркы иск-восу б. з. 1—3-к-на таандык (идиш, статуэткалар, таш. коло амулеттер Жаркент, Хотан, Керия, Миран ш-ларынан табылган). С. иск-восунун калыптанышында инди иск-восу маанилүү (үңкүр храмдары) роль ойногон. 6—7-к-дан Согд ж-а О. Азиянын башка аймактары м-н маданий байланыш кеңиген. 1950-жылдары С-да элдик ө. ж. (жибек, килем токуучулук) өнүгүп, курулуш иштери жакшы жүргүзүлгөн. 1960-жылдардын башынан кытай жетекчилеринин улуттук дискриминация кылуу саясаты жерг. элдин көркөм салтына терс таасирин тийгизген.

Ад.: Мураев Э. М., Природа Синьцзяна и формирование пустынь Центральной Азии, М., 1966; Тихонов Д. И., Хозяйство и общественный строй уйгурского государства. X—XIV вв., М., 1966; Кузнецов В. С., Экономическая политика цинского правительства в Синьцзяне..., М., 1973; Всеобщая история искусств, т. 2, кн 2, М., 1961.

СИНЯВСКИЙ Вадим Святославович [28. 7(10. 8). 1906. Смоленск — 3. 7. 1972, Москва] — сов. журналист, радиокомментатор. Спорттук радиорепортаждын сов. мектебине негиз салган. 1945-жылдан КПСС мүчөсү. 1924—72-ж. Бүткүл союздук радиодо иштеген. 30—50-жылдары С-дин спорттук радиорепортаждары бүткүл элдин сүймөнчүлүгүнө арыган. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде фронттон радиорепортаж берип турган. Үч орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

СИОНИЗМ (Иерусалимдеги Сион дөңсөөсүнүн атынан)—еврей бурж. улуттчулдугунун реакцялчыл агымдарынын бир түрү. Азыркы С. — улуттчул идеология. импер. мамлекеттердин монополиялык буржуазиясы м-н тыгыз байланышта болгон ири еврей буржуазиясынын кызыкчылыгын чагылдырат. Анын негизги мазмуну — ашыкча шовинизм, расизм, антикоммунизм ж-а антисоветизм. С. саясий агым катарында 19-к-дын аягында калыптанган. Ал еврей эмгекчилерин рев-ячыл күрөштөн алагды кылып, буржуазиянын бийлигин сактап калуу максатын көздөйт. С-дин негизги идеологу австриялык журналист Теодор Герцл болгон. 1897-ж. Базелде 1-сионисттик конгрессте Бүткүл дүйн. сионисттик уюм негизделген. Ал Палестинада еврей элинин сыйынтык түзүүнү максат кылып койгон. С-дин идеол. доктринасынын негизги жоболору: ар кайсы өлкөлөрдөгү еврейлер «бирдиктүү еврей улутун түзөт»; еврейлер — «өзгөчө», «кыйын» эл; арасында еврейлер жашаган элдин баары — антисемиттер; антисемитизм — «түбөлүк» көрүнүш; еврейлердин башка элдер м-н ассимиляцияланышы — чоң «күнөө»; еврейлердин «библиялык өз ата-бабаларынын жеринде» (Палестинада) нагыз еврей мамлекетин түзүүгө үгүттөө. 1948-ж. ООНдун чечими б-ча Палестинанын бир бөлүгүндө Израиль мамлекети түзүлгөндөн кийин С. анын официалдуу мамл. идеологиясы болуп калды. С. мамл. идеологиясы болуп калды. С. Израилдин аймагын кеңейтип, «Улуу Израиль» мамлекетин түзүү максатын көздөйт. С-дин идеол. концепцияларын ж-а саясий пландарын ишке ашыруучу көп сандаган сионисттик уюм бар. Алардын борборлору АКШ м-н Израилде жайгашкан. С-дин негизги багыты — социализмге, эл аралык коммунисттик ж-а улуттук-бошт. күймылга, Советтер Союзуна ж. б. соц. өлкөлөргө каршы ачык ж-а тымызын күрөш жүргүзүү. Капитализмдин жалпы кризисине байланыштуу С. идеологиясы азыр кризиске учуроодо. Еврей калкынын басымдуу көпчүлүгү сионисттик догмаларды четке кагып, Израилдин төбөлдөрүнүн агрессчил саясатын чечкиндүү айыптоодо. ООНдун Генералдык Ассамблеясынын 30-сессиясы (1975, ноябрь) С-дин расизмдин ж-а расалык дискриминациянын бир формасы катары баалаган.

Ад.: Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 7-т.; ошонуку, ошондо, 11-т.; КПСС о пролетарском интернационализме. Сб. документов и материалов, т. 1—2, М., 1974; Иванов Ю., Осторожно: сионизм!, М., 1972.

СИПАРИС Юозас Винцович [26. 2(10. 3). 1894, Кусяй кыш., Азыркы Литва ССРи, Расейн р-ну—5. 4. 1970, Вильнюс] — литва совет актёру, СССР эл арт. (1954). Чыг-лык ишин 1920-ж. баштаган. Каунастагы улут театрында (1923—25), Мамл. театрда (1926—40), Вильнюстагы Литва драма театрында (1940-жылдан) иштеген. Негизги аткарган ролдору: Вингис (Ю. Жемайте, «Колукту»), Телль (И. Шиллер, «Вильгельм Телль»), Лёшшн (М. Горкий, «Душмандар») ж. б. С. литва сахнасында биринчи болуп В. И. Ленинди образын (В. Вишневский, «Унутулгус 1919-жыл», СССР мамл. сыйл., 1952; Н. Погодин, «Кремль куранттары») түзгөн. Кииого да тартылган. 1945-жылдан театрдын драма студиясына, 1953-жылдан консерваториянын театр фетинде сабак берген. СССР Жог. Советине (3-шайл.) депутат. Эки Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

СИРЕНЬ (Syringa) — ак чечектер тукумундагы өсүмдүк уруусу. Анча чоң эмес дарак, бадал. Жалбырагы тушташ жайгашат, гүлү майда, жыттуу, бир жылдык чыпыгынын учуна 2—8ден гүл чачыкчасын түзөт. Апр., май, июнда гүлдөйт. Мөмөсү эки уялуу кутуча, уругу сүйрү. 30дай түрү Евразияда, көпчүлүгү Чыгыш Азияда; СССРде жапайы 4 түрү белгилүү. Кеңири таралган түрү: кадимки С., венгр С-и, перс С-и, чоң С. Мекени — Кытай, Ы. Чыгыш ж-а Корея. Кадимки С.— уз. 5—7 *м* дарак же бадал. Жалбырагы кочкул жашыл, жүрөк сымал, уч жагы ичкерээк. Гүлү ак, кызгылт, көгүш, көк, мала түстүү.



СССРде 30дан ашык сорту пайдаланылат. Уругу, калемчеси ж-а кыйыштыруу жолу м-н көбөйтүлөт. С. негизинен кооздук үчүн тигилет. Жыгачы оор, катуу, бышык болгондуктан устачылыкта, гүлүнүн ширеси парфюмерияда колдонулат.

Ад.: Вехов Н. К., Сирени, М., 1953.

СИРИНГОМИЕЛИЯ (гр. sýringos — көндөй ж-а myelós—жүлүн)—жүлүндө көндөйлөп пайда болуу ж-а сезгичтик, кыймыл функцияларынын бузулушу м-н мүнөздөлгөн адамдын нерв системасынын өнөкөт оорусу. Ал түйүндүктүн нерв системасынын туура эмес өсүшү ж-а жүлүндүн арткы тосмосунун көшулбай калуусу, о. эле травма, уулануу ж. б-га байланышуу. Оору жаш кезден башталат, моюн, ийин, кол катуу ооруп, тери ооруну ж-а ысыктыкты ала сезбей, ооруулуунун денесинде күйүктүн тырыктары байкалат. Акырындык м-н булчуңдар *атрофияга* учурап, колдордун күчү азаят, маңжалардын формасы өзгөрүлөт. Дарылоодо *рентгенотерапия, физиотерапия, массаж, прозерин* ж. б. колдонулат.

СИРИЯ, Сирия Араб Республикасы — Батыш Азиядагы мамлекет. Түндүгүнөн Түркия, чыгышынан ж-а түш.-чыгышынан Ирак, түштүгүнөн Иордания, түш.-батышынан Израиль, батышынан ж-а түштүгүнөн Ливан м-н чектешет




Батышын Жер Ортолук деңиз чулгайт. Аянты 185,2 миң *км*². Калкы

8,8 млн (1977). Адмпп. жактан 14 мухафазга бөлүнөт. Борбору — Дамаск ш. (калкы 1,2 млн, 1978).

Мамлекеттик түзүлүшү. С.— республика. Азыркы конституциясы 1973-ж. 13-мартган күчүндө. Мамлекет башчысы — президент (аны жалпы элдик референдум 7 жылга шайлайт). Ал премьер-министрди, министрлерди дайындайт, Элдик советтин колдоосу м-н закон чыгарат, куралдуу күчтөрүнүн башкы командачысы. Закон чыгаруучу жог. орган — Элдик совет. Жог. аткаруучу органы — өкмөт (Мин. Совети). Мухафаз, кади (округ) ж-а пахияларда (уезддерде) шайлануучу биймк органдары бар. Сот системасына: жарашуу, 1-инстанциядагы, апелляциялык, жог. сот органы — кассациялык сот кирет. Соттук көзөмөлдөөнү юстициянын Жог. совети жүргүзөт. Мамл. гербин ж-а мамл. желегин к. *Мамлекеттик герб, Мамлекеттик желек* макалаларынын таблицасынан.

Табияты. Аймагынын көбүн батыштан чыгышка жапыздаган (1000 *м*ден 500—200 *м*ге) плато эзелет (к. *Сирия чөлү*). Батыш бөлүгүндө тектоникалык ойдуң м-н бөлүнгөн меридиан багытындагы 2 тоо массиви жатат. Жер Ортолук деңизди бойлой куушп (20—30 *км*) ойдуң жайгашкан. Кен байлыктары: темир, марганец, жез, хром, нефть ж. б. Климаты субтропиктик, ички райондорунда субтропиктик кургак. Жылдык жаан-чачыны 100—1500 *мм*. Эң ири дарыясы — Евфрат. Боз топуратуу платодо жа-




Сирия чөлү.

рым чөл ж-а чөл (сөксөөл, төө тикен, шыбак ж. б.) өсүмдүктөрү, деңиз жээктери м-н тоо капталдарында эмен, мырза карагай, кипарис, лавр, оазистерде курма пальмасы, цитрус өсүмдүктөрү ж. б. өсөт.

Калкы. Элинин 90% арабдар. Курд, армян, түркмөн, түрк, черкес, цыган ж. б. да жашайт. Офиц. тили — араб тили. Калкынын 85% мусулман, 14% христиан диндерин тутат. Шаар калкы 43,5%. Шаарлары: Дамаск, Халеб ж. б.

Тарыхы. С-да адам төмөнкү палеолит доорунан жашаган. Б. з. ч. 2-миң жылдыктын 1-жарымында анын аймагында майда шаар-мамлекеттер (Алалах, Халпа, Катна, Кинза же Кадеш ж. б.) пайда болгон. 640-ж. С-ны араб аскерлери ба-




Дамаск ш-нын көрүнүшү.

гындырган. Аны башкарган араб Муавия 660-ж. өзүн С-нын халифи деп жарыялап, халифтиктин борборун Дамаск ш-на көчүргөн. С. 8-к-дын ортосуна чейин Омейя халифтигинин саясий ж-а маданий борбору болгон. 13-к-дын 2-жарымынан С. египет мамлюктарынын бийлигинде. 16-к-дын башынан 1918-жылга чейин Осмон империясынын бийлигинде болгон. 1918-ж. октябрда С-ны англ. аскерлер, 1919-жылдын күзүндө франц. аскерлер басып алган. *Сан-Ремо конференциясында* (1920) Улуу Британия м-н Франция өкмөту С-ны башкаруу мандатын Францияга берүү ж-дө макулдашкан.

Экинчи дүйн. согуш (1939—45) убагында 1939-ж. С-да аскердик абал жарыяланып, анын аймагына франц. аскерлер жайгаштырылган. 1943-ж. франц. мандат жоюлуп, С. өзүн өзү башкарууга өткөн. С. өкмөтүнүн демилгеси б-ча 1944-ж. 22-июлда С. м-н Сов. Союзунун ортосунда дипл. мамиле түзүлгөн. 1945-ж. февралда С. фаш. Германияга согуш жарыялаган. 1945-ж. мартта араб өлкөлөрүнүн Лигасын түзүүгө катышып, ошол жылы 24-октябрда ООНго кабыл алынган. 1958-ж. февралда С. м-н Египеттин биригишинин натыйжасында Бириккен Араб Респ-касы (БАР) түзүлгөн. 1961-ж. С-да өкмөт бийлиги ири буржуазия м-н помещиктердин өкүлдөрүнүн колуна өткөн. 1963-ж. 8-мартгагы аскердик төңкөрүштөн кийин бийликке Араб соц. кайра жаралуу партиясы (АСКЖП) келген. 1967-ж. Израиль С-га кол салып, Голан дөнсөөсүнүн бир белүгүн басып алган. 1973-ж. октябрда С. башка араб мамлекеттер м-н бирге Израилге каршы согушка катышып, 1974-ж. ал аймактын бир бөлүгүн кайтарып алган. С. Сов. Союзу ж. б. соц. өлкөлөр м-н достук мамиледе. 1977-ж. С. м-н СССРдин ортосунда достук мамилени өркүтүү, соода-экон. ж. б. жагынан кызматташтыкты чыңдоо б-ча макулдашылган.

Саясий партиялары, профсоюздары жана башка коомдук уюмдары. Араб соц. кайра жаралуу партиясы (АСКЖП), жетекчи партия, 1947-ж. негизделген. С. араб соц. союзу (АСС), 1964-ж. негизделген. С. араб соц. партиясы (АСП), 1950-ж. уюшулган. С. коммунисттик партиясы (СКП), 1924-ж. негизделген. АСКЖП, АСС, СКП, о. эле Араб соц. партиясы ж-а Соц. юнончулар партиясы (1961-ж. негизделген) Прогрессчил улуттук фронтко (ПУФ, 1972-ж. негизделген) кирет. Жумушчу профсоюздарынын жалпы федерациясы, 1945-ж. негизделген. Дыйкандардын жалпы федерациясы, 1964-ж. негизделген. Сирия-совет достук коому.


Экономикасы. С.— агрардык өлкө. Экономикасынын негизги а. ч. түзөт. А. ч-га жарактуу 8,5 млн *га* жердин 6 млн-у иштетилет. Негизги а. ч. өсүмдүктөрү: буудай, арпа, сулу, пахта, жүгөрү, цитрус өсүмдүктөрү, кант кызылча, тамеки ж. б. 1976-ж. 567





Халеб ш-нан бир көрүнүш.

миң уй, 150,3 миң төө, 55 миң жылкы, 49,2 миң качыр, 6,6 млн кой-эчки болгон; 1900 млн *квт·с* электр энергиясы алынган. Текстиль, тамак-аш, булгаары-бут кийим, курулуш материалдар ж. б. өнөр жай тармактары өнүккөн. Болот прокат, нефть ажыратуу, минерал жер семирткичтер, трактор жыйноочу, электр мотор ж. б. з-ддору бар. СССРдин жардамы м-н азот жер семирткич, темир-бетон шпала жасоочу з-ддору, «Растан» ГЭСи ж-а плотинасы ж. б. курулуп, Евфрат гидроэнергетика комплексинин 1-кезеги, Латакия — Камышлы т. ж. (уз. 750 *км*) ишке киргизилген. Автомобиль жолунун уз. 15,3 миң *км*, т. ж. 1,7 миң *км*, нефть жургүчү 644 *км* (1976). Сыртка пахта, нефть ж-а нефть продуктуларын, жүн, кездеме, мал, жашылча-жемиш ж. б. чыгарып, өзүнө азык-түлүк, машина ж-а жабдуулар, металл ж. б. алат.



Хомс ш. Азот жер семирткич чыгаруучу завод.


Соода шериктери: Италия, СССР, Ливан, Улуу Британия, Бельгия, ГФР, Греция ж. б. Туризм өнүккөн. Акча бирдиги — сирия фунту. 100 сирия фунту=17 сом 56 тыйын (1978).

Маданияты. С. көз карандысыздыкка жетишкенден кийин мамл. мектептердин саны 9 эсе өскөн. Окуу акысыз. 1971-ж. милдеттүү түрдө башталгыч билим берүү программасы кабыл алынган. Эл агартуу системасына 6 жылдык башталгыч, 3 жылдык толук эмес (даярдоо) орто мектеп ж-а кесипке үйрөтүүчү 3 жылдык толук орто мектептер кирет. Халеб ш-нда СССРдин жардамы м-н кесипчилик окуу жайы курулган. 3 ун-т (Дамаск, Халеб, Латакия), 83 жог. мектеп ж-а ин-ттар бар. Жог. окуу жайлары мамл., акы төлөп окушат. Дамаскиде, Халебде Улуттук китепкана бар.

С-де 1977-ж. арабча төмөнкүдөй газета-журналдар чыккан: «Ас-Саура» (1963-жылдан); «Аль-Баас» (1962); «Кифах аль-Уммаль аль-Иштираки» жумалыгы (1966); «Нидаль аль-Феллахин» (1965); «Ат-Талия» (1962); Сирия араб информ. агентствосу — САНА 1966-ж. негизделген, өкмөттүк. Улуттук радио үктуруусу 1946-ж., телекөрсөтүүсү 1960-ж. уюшулган.

С-нын 2—14-к-дагы ад-ты сирия ж-а араб тилдеринде, 14-к-дан кийин жалаң араб тилинде оонукөн. О. кылымда С-да араб ад-тынын Абу Таммам, аль-Бухтури, аль-Мутанаббн, Абу Фирас өндүү классиктери эмгектенишкен. Ал мезгилде С. ад-ты *араб маданиятынын* шардасында өөрчүгөн.

19-к-да С. ад-тында агартуучул идеядагы чыг-лар жаралган: Насыф аль-Языжи, Бутрус аль-Бустани, Адиб Исхак, Жиржи Зейдан, Фарах Антун ж. б. жазуучулардын чыг-лары. С-га француз мандаты оргогондон кийин (1923) С. ад-тына батыш европа мад-тынын кириши күчөгөн. Улуттук-бошт. кыймыл учурунда С. акындары француз колонизаторлорунун



С. Мударрис ж. б. Халебдеги ун-т. 1968—69.

экспансиялык саясатын ашкерелеген ырлар жазышкан.

Экинчи дүйн. согуш жылдарында С. ад-тында азаттык темасы үстөмдүк кылып, демокр. багыттагы чыг-лар арбын жазылган. 50—60-жылдары С. жазуучулары империализмге каршы күрөш, эл турмушу ж-дө жазып, ад-тта улуттук мүнөз, улуттук духту түптөөгө салым кошкон.

С. арх-расынын калыптанышы б. з. ч. 2-миң жылдыктагы татаал арх-ралуу храмдарды, дворецтерди куруудга тыгыз байланыштуу. Б. з. ч. 16—14-к-да С. арх-расында египет ж-а эгей мад-ттарынын таасири күчтүү болгон. 10-к-дан баштап мечиттер, медиреселер, көрбөн сарайлар курулуп, жумуру чамгарактуу имараттар көбөйгөн. Осмон империясынын учурунда (1516—1918) түрк арх-расына мүнөздүү композициялык ыкмалар пайда болгон. 1930—33-ж. француз арх-расына таянса, азыр улуттук форманы техникалык аныкты ийгиликтери м-н айкалыштыруу тенденциясы байкалат.

С. музыкасы араб музыка өнөрүнүн бир тармагы катары белгилүү. Музыкасында лад темасы өнүккөн. Аспаптары: уд, рабаб, гижак, канун ж. б. 1870-ж. комп. Мустафа аль-Башнактын демилгеси м-н



Пальмирадагы мүрзө үстүнө коюлган өстелик. Акиташ. Б. з. биринчи кылымдары. Лувр. Париж.

муз. мектеп уюшулгандан тартып С. музыкасы жаңдана баштаган. Улуттук профессионал композиторлук мектептен пайда болгон. Көрүнүктүү композиторлору: Сольхи Уадди, Дик Сункари ж. б. Улуттук муз. кадрлар Дамаски ж-а Халеб консерваторияларында даярдалат. Сов. музыканттар С-га чоң жардам берүүдө (1964-жылдан Дамаск консерваториясында бир нече сов. педагогдор иштейт).

Ад.: Поникаров В. П. [и др.], Северо-Восточная Африка и Аравия, в кн.: Геология и полезные ископаемые Африки, М., 1973; Виноградов В. В., Родин Л. Е., Ландшафты Сирийской пустыни, в кн.: Растительность СССР и зарубежных стран, М.—Л., 1964; Луцкий В. Б., Новая история арабских стран, 2 изд., М., 1964; Вавилов В. В., Социально-экономические преобразования в Сирии (1946—1970 гг.), М., 1972; Долинина А. А., Очерки истории арабской литературы нового времени. Египет и Сирия, М., 1973.

СИРИЯДАГЫ УЛУТТУК КӨТӨРҮЛҮШ (1925—27) — Франциянын колон. үстөмдүгүнө каршы сирия элинин улуттук бошт. күрөшү; ад-тта Сирия рев-ясы же Сирия улуттук бошт. согушу деп да аталат. 1925-ж. 18-июлда Жебель-Друзду чыккан. Ага жумушчулар, кол өнөрчүлөр, улуттук буржуазия, айрым феодалдар ж. б. катышкан. Көтөрүлүшкө друз феодалы Султан Атраш жетекчилик кылган. Алар 2—3-августа Мазра булагындагы салгылашта 4 миң аскерлүү француз колоннасын талкалаган. Көтөрүлүштү Элдик партия (Хизб аш-Шааб, 1925-ж. февралда түзүлгөн) колдогон. Өлкөнүн бир катар шаарында элдик рев-ячыл бийликтин органы түзүлгөн. Көтөрүлүшчүлөр 1925-ж. октябрда Жебель-Друзду франц. аскерден толук бошотуп, 18-октябрда Дамаскиге кирген. Бирок 1926-ж. Франциянын Сириядагы жог. комиссары генерал М. Саррай 80 миңден ашуун солдаты м-н көтөрүлүштү баскан. Франц. империалисттер убактылуу жеңишке ээ болгону м-н 1928-ж. уюмдаштыруу чогулушка шайлоо өткөрүлүп, Сирия 1930-ж. респ-ка деп жарыяланган.

СИРИЯ КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫ (СКП) Сирия ж-а Ливан коммунисттеринин биримдик уюму катары 1924-ж. октябрда негизделген. 1930-ж. 1-съезди болгон. 2-съезди (1944) партиянын Уставы м-н Программасын кабыл алып, СКПни өз алдынча эки партияга — Сирия коммунисттик партиясы ж-а Ливан коммунисттик партиясына (ЛКП) болгон. Партияларга 1947-ж. тыюу салынгандан улам эки партия 1948-ж. кайрадан биригип, Сирия ж-а Ливан коммунисттик партиясы (С. ж-а ЛКП) деп аталган. 1958-ж. Египет ж-а Сириянын БАРга биригишине байланыштуу С. ж-а ЛКПнин пленуму (1958, ноябрь) эки партияны болгон. Алар жалпы борб. жетекчиликти сактоо м-н (1961-жылга чейин) өзүнчө жетекчи органдарын шайлаган. СКПнин 4-съезди (1974, сент.) анын башка партиялар м-н кызматташтыгын өнүктүрүп, марксизм-ленинизм принциптерине таянарын белгилеген.

СКПнин делегациясы Коммунист-

тик ж-а жумушчу партиялардын эл аралык кеңешмелеринде (1957, 1960, 1969, Москва) катышып, анын документтерин жактырган. СКП демокр. централизм принцибинде курулат, жог. органы — съезд, анын аралыгында — БК. Борб. органы — «Нидаль аш-Шааб» («Эл күрөшү») газетасы.

СИРИЯ ТИЛИ — Алдыңкы Азиянын арамей тилинде сүйлөгөн христиандарынын жазма тили (б. а. 5-к-нан тартып), кийин Иран, Ирак, Сирия ж. б. өлкөлөрдөгү яковиттер м-н несторийлердин сыйынуу тили. С. т. чыгыш арамей диалектисинен чыккан. 5—17-к-га таандык ад-тка бай. Сирия жазуусунун үч түрүн пайдаланат: эстрангело (эң эски), несторий ж-а яковит. С. т-нин фонетикасы, морфологиясы арамей ж-а иврит тилдерине жакын. Лексикасында грек ж-а фарс сөздөрү арбын.

СИРИЯ ЧӨЛҮ, Бадиет-эш-Шам Батыш Азияда; Сирия, Ирак, Иордания ж-а Сауд Аравия өлкөлөрүнүн аймагында. Аянты 1 млн км². Түн.-чыгышты карай 800 м ден 500 м ге чейин төмөндөгөн плато. Платонун айрым жерлеринде бийик. 1000—1100 м ге жеткен аралча тоолор көтөрүлүп жатат. Кум массивдери ж-а таштуу хамадалар кездешет. Климаты субтропиктик, континенттик, кургак. Жылдык жаан-чачыны 100 *мм*. Өсүмдүктөрү (бадал, эфемерлер, эфемероиддер) сейрек. Калкы негизинен көчмөн келип, мал чарбасына (кой, эчки, төө) кесиптенишкен.

СИРОП (лат. sirupus, ар. шараб — суусун) — канттын суудагы же пак жемиш ширесиндеги эритмеси; кошулган жемиштин жытындай илээшкек, тунук суюктук. Калориялуулугу 10 *Мдж/кг*га (245—246 *ккал*/100 *г*) жакын; канттуулугу 40—80%. Канттуулугу 30—60%түү суу кошулган С. кыям кайнатууда, консерваланган жемиш компотторун даярдоодо, кондитер ө. ж-нда ж. б. колдонулат. Жемиш С-у газдалган суу ж. б. суусундарга кошулат.

СИРОТИНИН Николай Николаевич [14(26). 11. 1896-ж. т., Саратов] — сов. патофизиолог, СССР МИАнын акад. (1957), УССР ИАнын корр. мүчөсү (1939). Саратов ун-тин бүтүрүп (1924), ошол жерде 1925-жылдан А. А. *Богомолецтин* жетекчилиги м-н 2-Москва ун-тинде иштеген. 1929-жылдан Казан мед. ин-тунда кафедра башчысы; 1934-жылдан Киевдеги мед. ин-тта, клиникалык физиология, эксперименттик биология ж-а патология ин-ттарында лабор-я, кафедра башчысы. Анын негизги эмгеги *аллергия, иммунитет* ж-а инфекциялуу процесстерге ж. б. арналган. Бийик тоодогу баскычтуу климатташтыруунун принцибин иштеп чыккан; организмдин жагымсыз таасирлерге туруктуулугун күчөтүү үчүн бийик тоо климатына көнүгүүнү колдонуу мүмкүн экенин көрсөткөн.

Чыг.: Сравнительная физиология акклиматизации к высокогорному климату, в кн.: Кислородная недостаточность, К., 1963; Реактивность и резистентность организма, в кн.: Многотомное руководство по патологической физиологии, т. 1, М., 1966.

СИРХАКПХА (корейче сирхак — пака илим ж-а иха — топ, багыт дегенден) — 17—19-к-дын башында Кореяда «пака илим үчүн» деген ураан м-н чыккан коомдук ой-пикирдеги прогрессчил агым. Кореяда феод. мамилелер ыдырай баштаган шартта С-нын өкүлдөрү өлкөнүн өндүргүч күчтөрүн көтөрүү максатында социалдык-экон. реформаларды жүргүзүүнү жактап, турмушка тыгыз байланышкан пака илимдерди (буга так илимдер гана эмес, коомдук илимдер да кошулган) өнүктүрүү зарылдыгын баса белгилеп, илим жакшы өнүккөн башка өлкөлөрдөн таалим алуу керектигин айтышкан. С. Кореянын коомдук ой-пикиринин тарыхында маанилүү орун ээлейт.

СИ СИСТЕМАСЫ, интернационалдык система, к. *Бирдиктердин эл аралык системасы*.

СИСМОНДИ Жан Шарль Леонар Симонд де (9. 5. 1773, Женева — 25. 6. 1842, Женева) — швейцариялык экономист ж-а тарыхчы; майда бурж. саясий экономиянын негиз салуучуларынын бири. Женева ун-тинде окуган. Франция, Англия, Италия ж-а Швейцарияда жашаган. 1833-жылдан Франц. мораль ж-а саясий илимдер академиясынын мүчөсү. С. майда өндүрүүчүлөрдүн идеологиясын жактоочу экон. романтизмди баштаган. Майда бурж. утопиялык позицияда туруп, капитализмди ж-а классикалык бурж. саясий экономияны катуу сынга алган. Ал биринчилерден болуп өндүрүш м-н керектөөнүн ортосундагы карама-каршылыкты көргөзүп, конкуренция м-н өндүрүш анархиясынын майда өндүрүүчүлөрдүн абалына кыйратуучу таасирин мүнөздөгөн, эмгекчи массаларынын жакырдануусунун күчөй тургандыгын ж-а капитализмде экон. кризистердин шексиз боло тургандыгын көрсөткөн. Майда товар өндүрүшүн эң туура, үлгүлүү экон. система катары эсептеген. С-нин майда бурж. утопиялык идеялары социализм ж-дөгү майда бурж. теориялардын негизин түзгөн.

СИСТЕМА (гр. sýstema — болуктөрдөн турган бүтүндүк, бирикме) — өз ара байланышта туруп, белгилүү бир бүтүндүктү түзгөн элементтер тобу. С. ж-дө түшүнүк узак эволюцияны басып өтүп, 20-к-дын орто ченинен негизги түшүнүктөрдүн бирине айланган.

С. түшүнүгү античный философияда пайда болуп, болмуштун бүтүндүгү ж-а ырастуулугу катары каралган. Байыркы грек философиясында билимдин системалуулугу белгиленген. Болмуштун системалуулугу ж-дө түшүнүктү Б. *Спиноза*, Г. *Лейбниц* ж. б. өнүктүргөн. Классикалык немец философиясында (И. *Кант*, Ф. *Шеллинг*, Г. *Гегель*) билимдин системалуулугуна өзгөчө маани берилип, принциптери белгиленген. 19-к-дын 2-жарымы — 20-к-дагы бурж. философияда (мис., *неокантчылык*, гештальтпсихология, *неопозитивизм*) философиянын негизги маселеси идеалисттик негизде каралганы м-н системалык изилдөөнүн айрым маселелери чечилген. С-ны изилдөөнүн жалпы филос. негизи — матер. диалектиканын принциптери. Марксизм-ленинизм классиктеринин эмгектеринде С-ны изилдөөнүн филос. методологиясынын бай тажрыйбасы бар.

19-к-дын 2-жарымында С. ж-дө түшүнүктүн түрдүү илимдердин аймагына кулач жайышына эволюция теориясынын, салыштырмалуулук теориясынын, кванттык физикасынын, структуралык лингвистиканын түзүлүшү өзгөчө таасир берген. 20-к-дын 40—50-жылдарынан С. түшүнүгүн тактоо, анын жалпы теориясын ж-а изилдөө методдорун иштеп чыгуу күчөгөн.


С.— бүтүндүк, структуралык байланыш, элемент, подсистема сыяктуу түшүнүктөр м-н тектеш түшүнүк (иш жүзүндө ар кандай объект система катары каралуусу мүмкүн). С-ны толук түшүнүү үчүн мазмун ж-а форма жагынан бир топ аныктамаларды түзүү зарыл. Ошондо гана С. м-н чойрөнүн өз ара көз карандылыгы, туюнтмалардын көптүгү ж. б. С-лык принциптерди көрсөтүүгө болот. Жалпы жонунан материалдык ж-а абстрактуу С. деп ажыратууга болот. Биринчиси — материалдык объектилердин бирдиктүү жыйындысы. Ал жансыз, орг. эмес табият ж-а жандуу (биологиялык, социалдык) С-лардан турат. Абстрактуу С.— адамдын ой-жоосунун натыйжасы, ал ар түрдүү С-ларга (түшүнүктөр, гипотезалар, теориялар) болунөт. 20-к-да тил да С. катары каралып, натыйжада белгилердин жалпы теориясы — *семиотика* түзүлгөн. О. эле С. статистикалык ж-а динамикалык болуп болунөт. Мезгил агымында биринчисинин абалы өзгөрбөй, экинчисинин абалы өзгөрөт. С. чойрө м-н болгон мамилесинин мүнөзү б-ча жабык (зат кирбейт ж-а чыкпайт, энергия гана алмашат, мис., тең салмактуу абалдагы газ) ж-а ачык (энергия да, зат да алмашат, мис., жандуу организм) болуп ажыратылат.


Ад.: Маркс К., Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 20, 26, ч. 2; Ленин В. И., Полн. собр. соч., 5 изд., т. 18, 29; Шеврицкий Г. П., Проблемы методологии системного исследования, М., 1964; Системные исследования. Ежегодник, М., 1969; Садовский В. Н., Основания общей теории систем, М., 1974.


СИСТЕМАДАН ТЫШКАРКЫ БИРДИКТЕР — физ. чоңдуктардын эч бир бирдиктер системасына кирбеген бирдиктери. Чегөөнүн ар кандай тармагындагы С. т. б. бирдиктер системасынын түзүлүшүнө байланышсыз тандалып алынган. Ал экиге болунөт: көз карандысыз (башка бирдик-



1


2


3





4


5


6


7

Сибирь макаласына. 1. Боршовочный кырка тоосунун этеги. **2.** Байкал көлү. **3.** Лена д-ндагы «Якут Мамычалары». **4.** Красноярк крайындагы тайга. **5.** Красноярк ГЭСи. **6.** БАМ—Тында темир жол курулушунда. **7.** Ангарск. Нефть-химия заводу.






Сирия макаласына. 1. Сирия платосунун чыгыш бөлүгү. 2. Нахр-эль-Аси д. 3. Сириядагы кыштактардын бири. Алдыңкы планда — эгин бастыруу. 4. Дамаск ш. Маржи көчөсү. 5. Пальмирадагы Бела храмы. 1-к. 6. Пальмирадагы балбал. Аки таш. Б. э. ч. 1-к. Лувр. Париж. 7. Бурхан коркотли. «Сирияны коргойбуз!». Ксилография. 1971. 8. Дамаскидеги Омеяддар мечити. 705—715. 9. Салхия аянтындагы эстелик.

тердин жардамысыз аныкталуучу) ж-а башка бирдиктер аркылуу аныкталып, каалагандай алынуучу бирдиктер. Биринчиге, мис., Цельсий градусу (нормалдуу атм-ра басымындагы суунун кайноо ж-а муздун эрүү темп-расынын ортосундагы аралыктын 0,01 бөлүгү), толук бурч (айлануу) ж. б., экинчисине, мис., кубат бирдиги — ат күчү (735,499 *вт*), басым бирдиги—тех. атм-ра (1 *кгк/см*^{2}), бар (10^5 *н/м*^{2}) ж. б. кирет. С. т. б-ди колдонуу негизинен ыңгайсыз, анткени аларды эсептөөдө көп убакыт сарталып, ката кетүү мүмкүнчүлүгү көбөйөт.

СИСТЕМАТИКА (гр. systematikós — иреэттештирилген) — кандайдыр бир реалдуу сфераны түзгөн объектилерди кабыл алынган ыкмалар м-н белгилөө, атоо, мүнөздөп жазуу ж-а системага салуу маселелерин чечүүчү илим. С. объектилери өтө тармактанган ж-а дифференциаланган татаал системаларды изилдөөчү илимдердин бардыгында (химия, биология, география, геология, тил илими, этнография ж. б.) варыл. С. өзгөчө биологияда кеңири өнүктү. Анын максаты — азыр жашап жаткан ж-а тукум курут болгон бардык организмдерди мүнөздөп жазуу ж-а атоо, түр м-н түрдүн же түрлөрдүн топторунун ортосундагы тектик байланыштарды аныктоо, организмдердин табигый системасын түзүү. Мында С. биол. илимининн бардыгында (жаныбар физиологиясы, *биохимия, палеонтология*, өсүмдүк морфологиясы, өсүмдүк анатомиясы ж. б.) топтолгон маалыматтарга ж-а тийиштүү теорияларга, өзгөчө эволюциялык теорияга таянат. Биол. С. жаныбарлардын ж-а өсүмдүктөрдүн С-сы болуп бөлүнөт. Алардын милдеттери окшош ж-а изилдөө методдорунда да жалпылыктар көп. Жаныбарлар м-н өсүмдүктөрдү классификациялоого алгачкы аракеттерди байыркы грек философтору (Аристотель) жасаган. С-нын илим катары калыптанышы К. *Линнейдин* ысмы м-н байланыштуу (18-к.). Анын системасы өзүнө камтыган жаныбарлар м-н өсүмдүктөрдүн түрлөрүнүн саны б-ча ж-а С-га киргизилген жаңылыктары жагынан ошол кездеги системалардан жогору тургандыгына карабастан ал жасалма система эле, себеби К. Линней организмдерди классификациялоодо, башкалардай эле туш келди 1—2 белгини негиз кылып алган. Мис., өсүмдүктөрдү гүлдөгү аталыктардын санына карата классификациялаган. Натыйжада теги б-ча башка өсүмдүктөр С-лык бир топко кирип калган. Ч. Дарвиндин түрлөрдүн келип чыгышы ж-дө эмгеги жарыкка чыккандан (1859) кийин гана жаныбарлар м-н өсүмдүктөрдүн табигый системалары түзүлүп, өнүгө баштады. Ч. Дарвиндин окуусу С-га эволюциялык көз караштуу киргизди. Органимдердин туш келди алынган 1—2 белгисинин негизинде эмес, бардык белгилерин (морфол., физиол., биохим., генетикалык, цитологиялык, популяциялык, геогр. ж. б.) эсепке алуу м-н гана түзүлгөн системалар— табигый системалар болуп эсептелет. С-да организмдердин бардык эле топторун изилдөөдө колдонулуучу негизги ж-а кеңири таралган метод — салыштырма морфол. метод. Азыркы кезде жашаган жаныбарлар м-н өсүмдүктөрдүн С-да изилдөөнүн жаңы ыкмалары — биохим., генетикалык, цитогенетикалык ж. б. Түр — орг. дүйнөнүн жашоосунун конкреттүү формасы ж-а С-дагы негизги түшүнүк. Бардык организмдер тигил же бул түргө кирет. Түр — популяциялардын генетикалык жактан чектелген тобу; бир түрдүн өкүлдөрү кандайдыр бир аларга гана тийиштүү болгон жалпы белгилери (өзгөчөлүктөрү, каспеттери) м-н мүнөздөлүп, өз ара эркин жыныстык жол м-н көбөйөт; тукумдоого жөндөмдүү муунду берип, белгилүү геогр. мейкиндикти — ареалды ээлешет (к. *Түр, Түрдүн пайда болушу*). Окшош ж-а теги жагынан жакын түрлөр уруугa, уруулар тукумга, тукумдар түркүмгө (жаныбарларда), **катарга** (өсүмдүктөрдө), түркүм же катар класска, класстар жаныбарлардын С-сында типке, өсүмдүктөр С-сында **болумгө** бириген. Бардык типтер жаныбарлар дүйнөсүн ж-а бөлүмдөр өсүмдүктөр дүйнөсүн түзөт. С-да бул аталгандардан башка кошумча же аралык категориялар да колдонулат. Мис., уруучa, типче, тукумча ж. б.

Бардык жагынан (майда-чүйдөсүнөн тартып) жактырылып, жалпы кабыл алынган жаныбарлар же өсүмдүктөр системасы азырынча жок. Анткени илимдин өнүгүшү м-н өсүмдүктөр, өзгөчө жаныбарлар дүйнөсүндө улам жаңы түрлөр, уруулар, тукумдар, ал түгүл булардан жог. категорияларга кирүүчү организмдердин топтору ачылууда. Кай бир таксондордун теги, тектик байланыштары б-ча да окумуштуулар дайым эле окшош пикирде болушпайт. Келтирилген фактылардын негизинде ж-а филогенездин айрым проблемаларынын чечилиши м-н С. уламдан улам жакшыртылууда. Жакшыртылган система б-ча жаныбарлар дүйнөсү эки чоң топко: бир клеткалууларга ж-а көп клеткалууларга бөлүнөт. Көп клеткалуулар болсо былпылдактарга ж-а калган типтерди бүт камтыган нагыз көп клеткалууларга ажыратылат. Башка бир система б-ча бүт жаныбарлар дүйнөсү 16 типтен турат: эң жөнөкөйлөр, былпылдактар, археоциаттар (казылып алынган эң көнөкөй көп клеткалуулар), ичеги көңдөйлүүлөр, жөнөкөй курттар, моллюскалар, мүчөлүүлөр, прозопигиялар, кампотозоялар, подаксонилялар, омуроо буттуулар, кылкан жаактуулар, погонофорлор, жарым хордалуулар, пийне терилүүлөр ж-а хордалуулар б-ча жаныбарлардын 1,5 млн-го жакын түрү белгилүү. Өсүмдүк С-сында 350—500 миң түрдөн турган өсүмдүктөр дүйнөсү эки чоң топко — жөнөкөй ж-а татаал түзүлүштүү өсүмдүктөргө бөлүнөт. Жөнөкөй түзүлүштүүлөр: бактериялар, балырлар, миксомицеттер, козу карындар, эңилчектер; татаал түзүлүштүүлөр: псилофиттер, мамык чөп, плаун сымалдар, кырк муун сыяктуулар, папоротник сыяктуулар, жылаңач уруктуулар ж-а жабык уруктуулар же гүлдүү өсүмдүктөр. Бир катар окумуштуулар балырларды өз алдынча 6 бөлүмгө (көк жашыл балырлар, эвглена балырлары, кызыл балырлар ж. б.) бөлүшөт.

Ад.: Майр Э., Зоологический вид и эволюция, пер. с англ., М., 1968; Тахтаджян А. Л., Развитие систематики в СССР, «Вестник АН СССР», 1972, № 6; Культасов И. М., Павлов В. Н., История систематики и методы (источники) филогении покрытосеменных растений. М., 1972.

СИСТЕМОТЕХНИКА — кибернетикадагы багыт; ал информацияны кайра өзгөртүүнүн универсал каражаттары — ЭЭМ негиз кылып алынган татаал системаларды пландаштыруу, долбоорлоо, конструкциялоо ж-а башкаруу маселелерин изилдейт. «С.» термини 20-к-дын 60-жылдарында эл чарбасынын ар түрдүү тармактарын башкаруунун автоматташтырылган системасынын өнүгүшүнө байланыштуу пайда болгон. С. татаал эксперименттик иштерди долбоорлоону, ө. ж. тармактары м-н экон. ар кандай процесстерди, комин. иштерди автоматташтырууда кеңири колдонулат.

Иш аткаруусу б-ча С. төмөнкү класстарга бөлүнөт: 1) информ.-чөнөөчү система берилген информацияларды чогултуп, аларды системага салат; 2) информ.-справкалык система атайын керектүү тилге которулуп, белгилүү тартип б-ча жайгашкан информациялардан керектүү маалыматтарды издөөнү автоматташтыруу үчүн колдонулат; 3) информ.-моделдөөчү система берилген информ. маалыматтарга таянып, алдын ала иш жүргүзүү м-н системаларды моделдөө ж-а изилденүүчү процесстердин өнүгүшүн пландоо иштерин аткарат; 4) информ.-башкаруу системасы пландоонун негизинде максатка жетиш үчүн ресурстарды пайдалануунун оптималдык программасын түзүүдө керектелет. С-нын эң негизги принциби — натыйжалуулуктун максимум принциби, б. а. анын матем. күтүүсүнүн максимуму. Натыйжалуулуктун чени (критерийи) болуп системанын иштөө процессиндеги жыйынтыктардын баалуу көрсөткүчтөрү м-н ошол жыйынтыктарды жаратууга кеткен көрсөткүчтөрдүн катыштарынын айырмасы эсептелет. Натыйжалуулукту баалоонун бир нече методдору бар: окшоштук (аналогдук), жыйынтык чыгарууну баалоо, түз эсептөө, матем. моделдөө ж. б. Булардын ичинен эң тагыраагы ма-

тем. моделдөө методу. Ал С-пы изилдөө практикасында кеп колдонулат.
Ад.: Гуд Г.-Х., Макол Р.-Э., Системотехника. Введение в проектирование больших систем, пер. с англ., М., 1962; Справочник по системотехнике, пер. с англ., М., 1970; Буслепко Н. П., Калашников В. В., Коваленко И. Н., Лекции по теории сложных систем, М., 1973.

СИСТОЛА ЖАНА ДИАСТОЛА — жүрөк булчуңунун (миокарддын) жыйрылышы ж-а бошошу. Ал биринин артынан бири келип, жүрөк ишинин циклин түзөт. Эгер кишиде жүрөктүн ритми 1 *минда* 75 болсо, анда жүрөк дүлөйүнүн систоласы 0,1 *сек*, диастоласы 0,7 *сек*, карынчасынын систоласы 0,3 *сек*, диастоласы 0,5 *сек* болот, к. *Жүрөк, Кан басымы.*

СИТАЛЛДАР—айнек-кристаллдуу материалдар; эриген айнекке катализатор (уютку) кошкондо, айнектин көлөмүндө кристаллдашуунун борбору түзүлүп, ага негизги фазадагы кристаллдар улам кошулуп өсүү м-н алынат. Катализатордун тибин, айнектин составын ж-а термиялык иштетүүнүн режимин өзгөртүп, керектүү касиеттеги С-ды алууга болот. С. өтө бекем, катуу, хим. ж-а термиялык иштетүүгө туруктуу ж. б. касиеттерге ээ. С. кайсы материалдардан даярдалышына жараша айырмаланат: техникалык С. ар кандай хим. бирикмелерден (кычкылдардан, туздардан); шлак металлургиялык ж-а отун шлактарынан; петроситаллдар тоо тектерден (базальт, диабаз ж. б.) даярдалат. С-дан даярдалган буюмдар жог. темп-рада (700—1400°С) кадимки айнек буюмдарын алуу ыкмасы (эриген айнек массасын формага келтирүү) же карапалык ыкма (айнек күкүмүн калыпка салуу) м-н жасалат. С. оптикада, электр-вакуум приборлорун жылчыксыз бүтөө, кандоо, электр-изоляторун, хим. аппаратура, түтүк идиш, плита, такта материалдарын ж. б. жасоо үчүн колдонулат.

СИТИ — 1) англис тили колдонулган кээ бир өлкөлөрдөгү артыкча укукка, мааниге ээ шаар. Улуу Британияда епископтун резиденциясы жайгашкан жө королдон грамота алган шаар С. аталган. АКШда С.— жерг. башкаруусу бар шаар. 2) Лондондун борб. болүгү, тарыхый чордону. С.— англ. финансы олигархиясынын синоними.

СИФИЛИС, к. *Котон жара, Венера ооруулары.*

СИФОН (гр. siphon — түтүк, насос)— 1) суюктуктун деңгээли жогору болгон идиштен деңгээли төмөн болгон идишке суюктук агып түшө тургандай бир жагы экинчи жагынан узун кылып ийилген түтүк. 2) Тиричиликтеги С.— басым астында болгон сууну газдаштыруу, көбүрмө суусуну даярдоо үчүн бир учу идиштин түбүнө чейин жеткен, экинчи бийик учуна кран орнотулган ийилген түтүктүү идиш. 3) Гидротехникадагы С.— суу сактагычтан, ГЭСтин суу толтурулма бассейнинен ашыкча сууну автоматтык түрдө агыза турган түтүк.

СИФОНОФОРЛОР (Siphonophora) — ичеги көндөйлүүлөрдүн классчасы. Денесинин уз. 1 *см*ден 3 *мге* жетет, түссүз. Түзүлүшү өзгөргөн полип ж-а медузадан турган колониялуу организм. Жогору жагында жайгашкан газ (көбүнчө азот) толгон баштыкчасы колонияны тик абалда карап, чөктүрбөйт. С-дун составындагы медуза кыймылдоо, ал эми полип тамак кармоо, эритүү ж-а жыныстык көбөйүү функцияларын аткарат. Личинкасы эркин сүзүп жүрүп, бүчүрлөнүү жолу м-н колонияга айланат. С. тропик ж-а мезотермдик деңиздерде жашайт. СССРде 2 түрү кездешет.



Сифонофорлор: *1* — пневматофор; *2* — нектофорлору; *3* — тентүүрлөрү; *4* — гастрозоид.

СИХОТЭ-АЛИНЬ — СССРдин түш.-чыгышындагы тоолуу аймак, Япон деңизи м-н Уссури ж-а Амур д-ларынын ортосунда. Уз. 1200 *км*, туурасы 200—250 *км*. Орт. бийикт. 800—1000 *м*, эң бийик жери 2077 *м* (Тордоки-Яни чокусу). Дарыялардын терең өрөөндөрү м-н бөлүнгөн кырка тоолордон, массивдерден, платолордон турат. Негизинен орто бийик тоо тибиндеги рельеф басымдуу. Суу бөлгүчүнө жылаңач аскалар мүнөздүү. Деңизге караган чыгыш капталы тик. Кен байлыктары: көмүр, калай, полиметалл рудалары, алтын ж. б. Түндүгүндө ийне жалбыректуу, түштүгүндө аралаш токой өсөт.

СИХОТЭ-АЛИНЬ КОРУГУ Сихотэ-Алинь тоолорунун чыгыш ж-а батыш капталдары, түш.-чыгыш жагы Япон деңизинин жээгине чейин жайгашкан. 1935-ж. уюшулган. Аянты 310112 *га* (1974). Анда кедр, жазы жалбыректуу токой басымдуу, карагай, кайың, кок карагай, эңилчек, мох ж. б. өсөт. Айбанаттары: кер марал, элик, горал, доңуз, жолборс, аюу, сүлөөсүн, токой мышыгы, кашкулак, кундуз, булгун, суусар. Куштары: маң куш, чил, ордок, түрпүлүү суксур, уссури ж-а боринг кара казы, көгүш сагызган, кокташ тарсылдак. Жылаңдары: даракчы сойлоок, нардуу даракчы сойлоок, калкан тумшук ж. б. Курт-кумурсканын көп түрү жашайт. Суусунда таймень, ленок, харпус, ит чабак бар.
Ад.: Заповедники Советского Союза, под ред. А. Г. Банникова, М., 1969.

СИХОТЭ-АЛИНЬ МЕТЕОРИТИ — табиятта өтө сейрек байкалуучу эң чоң таш *метеорит*. Жалпы салм. 70 *тдай*. 1947-ж. 12-февралда жерг. декрет убакыты б-ча 10 *с* 38 *минда* Сихотэ-Алинди (РСФСРдин Приморье крайы) батыш тоо этегине түшкөн. Ал космос ылдамдыгы м-н жер атмосфера киргенде миңдеген майда болүктөргө чачырап, аянты 3 *км*² жерге темирдүү метеорит жаандай болуп түшкөн. Метеорит түшүп келатканда жарык болид сыяктуу болуп, радиусу 400 *км* жерге көрүнгөн. Андан кийин катуу добуш чыгып, жер дүңгүрөгөн. Бул метеориттин составын СССР ИАнын метеорит б-ча комитетинин В. Г. Фесенков баштаган экспедициялары изилдеген. С.-А. м-нин составы (масса б-ча % м-н): *Fe* 93,29; *Ni* 5,94; *Co* 0,38; *Cu* 0,03; *P* 0,56; *S* 0,28. Өтө аз санда башка хим. элементтер да бар.

СИЦЗЯН — Кытайдын түштүгүндөгү дарыя. Уз. 2130 *км*, алабынын аянты 437 миң *км*² (анын 11 миңи Вьетнамда). Юньнань тайпак тоосунан башталат. Көп бөлүгүндө Наньнин тоосунун түш. чет-жакасы м-н кууш өрөөн аркылуу агат. Түш. Кытай деңизиндеги Чжуцзянкоу булуңуна куярда Бэйцзян ж-а Дунцзян д-ларын м-н кошулуп, чоң (16,9 миң *км*²) Чжуцзян дельтасын пайда кылат. Жылдык орт. чыгымы Учжоу ш-нда 8000 *м*³/*сек*, эң көбү 58000 *м*³/*сек*. Апр.— сентябрда ташкындан, февралда тартылат. Сугатка кеңири пайдаланылат. Төмөнкү агымында бермет кабыгы чогулулат. Учжоу ш-на чейин кеме жүрөт. Дельтасында Гуанчжоу (Кантон) деңиз порту жайгашкан.

СИЦИЛИЯ — Жер Ортолук деңиздеги эң ири арал, Италияда. Аянты 25460 *км*². Апеннин ж. а-ным түштүгүндө жайгашып, андан Мессина кысыгы аркылуу (эң кууш жери 3,5 *км*) бөлүнөт. Жээктери тик, булуң-буйткалар аз. Тоолуу (Пелоритан, Неброди, Ле-Мадонне) ж-а доңсөөлүү рельеф басымдуу. Түш.-чыгышында Иблеи платосу (бийикт. 986 *м*), чыгышында Европадагы эң бийик аракеттеги жанар тоо — Этна (3340 *м*) жайгашкан. Жер титирөө болуп турат. Күкүрт, нефть, газ ж. б. кен байлыктары бар. Климаты субтропиктик, жер ортолук деңиздик. Жылдык жаан-чачыны түздүктөрдө 400—600



мм, тоолордо 1200—1400 *мм*. Дарыялары кыска. Күрөң ж-а кызыл топурак басымдуу. Эмен, каштан, бук токою ж-а ксерофит бадалдары өсөт. Башкы шаары ж-а порту — Палермо.

СИЭТЛ — АКШның батышындагы шаар. Вашингтон штатында. Пьюжет-Саунд булуңунун жээгинде. Калкы 500 миң (шаар айланасы м-н 1,4 млн, 1974). Жолдор тоому. Авиаракета о. ж. өнүккөн. С. ж-а анын айланасында жүргүнчүлөр ж-а согуш самолёттору, ракета (анын ичинен стратегиялык) чыгаруучу «Боинг» з-ддору жайгашкан. Жыгач, целлюлоза-кагаз о. ж., балык консервалоо, кеме куруу ж-а оңдоо, металл иштетүү з-ддору иштейт. Балык уулоочу база, ун-т бар. С. 1851-ж. негизделген.

СКАЗКИН Сергей Данилович [7(19). 10. 1890, Новочеркасск — 14. 4. 1973, Москва] — сов. тарыхчы, СССР ИАнын акад. (1958). СССР ПИАнын анык мүчөсү (1947), Соц. Эмг. Баатыры (1970). 1915-ж. Москва ун-тин бүткөн. 1920-жылдан МГУда окутуучу, 1949-жылдан анын кафедрасын, 1962-жылдан СССР ИАнын Тарых институнда о. кылым тарыхы секторун, 1968-жылдан Жалпы тарых ин-тун жетектеген. Негизги эмгектери о. кылым тарыхы, Батыш Европа өлкөлөрүнүн жаңы тарыхы, о. эле эл аралык мамилелер тарыхына арналган. С. «Дипломатия тарыхы» (1-т., 1941; 2-бас., 1-т., 1959), «Франциянын тарыхы» (1-т., 1972) ж. б. коллективдүү эмгектерди жазышкан. СССР мамл. сыйл. лауреаты (1942). Эки Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

СКАЛЬДДАР (исландча skald—акын) — 9—13-к-да өткөн норвегиялык ж-а исландиялык акындар. С-дын ырлары 13-к-дагы исланд адабий чыгармаларынын айрымдарында үзүндү түрүндө гана сакталып калган. Ал ырлар тарыхка жакындыгы м-н баалуу.

СКАЛЯР (лат. scalaris—баскычтуу)— ар бир мааниси бир гана (чыныгы) сан м-н туюнтулуучу чоңдук. С-га узундук, аянт, убакыт, масса, тыгыздык, темп-ра, жумуш ж. б. чоңдуктар мисал боло алат. «С.» термини *вектордук эсептөөдө* векторго каршы мааниде (сандын синоними катарында) колдонулат.

СКАЛЯРДЫК КӨБӨЙТҮНДҮ, *a* ж-а *b* эки вектордун скалярдык көбөйтүндүсү — өзөл эки вектордун узундуктарын ал векторлордун арасындагы бурчтун косинусуна көбөйткөндөгү көбөйтүндүсүнө барабар болгон чоңдук. Ал (a, b) же (ab) деп белгиленет. Мында көбөйтүндүнүн коммутативдик ж-а дистрибутивдик касиеттери орундалат. С. к-нун касиеттери: 1) $(a, b)=(b, a)$; 2) $(\alpha a, b)=\alpha(a, b)$ (α — скаляр); 3) $(a, b+c)=(a, b)+(a, c)$

СКАЛЯРДЫК ТАЛАА—ар бир P чекити кандайдыр бир $a(P)$ саны (скаляр) м-н байланышкан область. Мис., нерсенин ичиндеги темп-ра талаасы, тыгыздык талаасы. С. т-ны изилдөөдө негизги матем. аппарат — *вектордук эсептөө.*

СКАНДЕРБЕГ Георг Кастриоти (1405-ж. чен — 17. 1. 1468, Леж) — албан элинин осмон баскынчыларына каршы улуттук-бошт.' кыймылынын жетекчиси, Албаниянын улуттук баатыры. Бала кезинен түрк султаны Мурад IIге барымтага берилип, кийин анын аскеринде кызмат өтөгөн. Аскер башчылык таланты үчүн бей наамын алып, Александр Македонскийдин урматына Искендер-бей (С. бузулуп айтылганы) аталган. Султанга каршы күрөштүүгө жаңырын даярданып, анын душмандары м-н мамиле түзгөн. Ниш жанындагы салгылашта (1443, 3-ноябрь) венгр аскерлери түрк аскерлерин жеңген соң С. 300 атчан аскер м-н түрк лагерине качып, Дибрага келген. Эркин дыйкандарга таянып, албан жеринен түрктөрдү куун чыгууга аттанган. Бир нече күндөн кийин Круяны алып, 28-ноябрда Кастриоти княздыгынын башчысы деп жарыяланган. Петреля, Петральба ж. б. чептерден түрк аскерлерин куун чыккан. Туруктуу армия түзүп, 24 жыл бою түрк баскынчыларынын өз бийлигин кайра орнотуу аракетине каршы күрөшкөн. С. таланттуу мамл. ишмер болгон. АЭРде Скандербег ордени белгиленген.
Ад.: Георги Кастриоти-Скендербег. 1468—1968, София, 1970.



С. Д. Сказкин.


Г. К. Скандербег.

СКАНДИЙ (лат. Scandium), Sc—Менделеевдин мезгилдик системасынын III тобундагы хим. элемент; ат. н. 21, ат. м. 44,9559. Табигый туруктуу 1, жасалма жол м-н алынган 10 радиоактивдүү изотобу белгилүү. Д. И. *Менделеев* С-ди алдын ала (1870) айткан, 1879-ж. швед илимпозу Л. Ф. Нильсон Скандинавиядан табылган гадолинит ж-а эвксенит минералынан болуп алган. Жер кыртышында массасы б-ча 2,2·10⁻³%. Ал — чачыранды элемент; жалтырак саргыч кайнол металл, эрүү t 1539±5°С, кайноо t 2700°С. Таза С. жумшак болгондуктан оңой иштетилет. Хим. жактан активдүү. С. ысытканда суутек м-н гидридди (ScH_2), азот м-н нитридди (ScN), галогендер м-н $ScCl_3$ сыяктуу бирикмелерди берет. Туз, азот, күкүрт к-таларында оңой эрийт. Бирикмелери сууда гидролизденип, туздарды пайда кылат. Ал бокситтерди ж-а вольфрам, калай, титан, уран рудаларын гидро- ж-а пирометаллургиялык иштетүүдө кычкылдар түрүндө, андан ары кычкылдарды түрдүү жолдор м-н иштетүүдөн алынат. О. ж-да, медицинада колдонулат. Конструкциялык материал катары перспективалуу.
Ад.: Коган Б. И., Названова В. А., Скандий, М., 1961; Фаворская Л. В., Химическая технология скандия, А.-А., 1969.

СКАНДИНАВИЗМ — Скандинавия өлкөлөрүн мамл., саясий, экон. ж-а маданий жактан бириктирүү идеясын таратуучу бурж. агым. Тар мааниде

СКАНДИНАВИЯ ЖАРЫМ АРАЛЫ— Европанын түн.-батышындагы эң ири жарым арал. Уз. 1900 *км*, туурасы 800 *км*ге чейин. Аянты 800 миң *км*². Балтика, Түндүк, Норвег ж-а Баренц деңиздери м-н чулганат. С. ж. а-ным материктик чеги Ботния булуңунун Скандинавия тоолорунун түш.-чыгыш чети, Ставангер ш-на жакын жерде.



түп. бөлүгүнөн Варангер-фьорд булуңуна чейин. Жарым аралда Норвегия, Швеция ж-а Финляндияның түп.-батыш бөлүгү жайгашкан. Батыш ж-а түп. жээктери тик, бийик, фьорддуу, аралдар ж-а архипелагдар (Лофотен, Вестеролен, Магерё ж. б.) коп. Түш. ж-а чыгыш жээктери жаныз, аскалуу; майда буйткалар бар. Жарым аралдын батыш бөлүгүн Скандинавия тоолору (бийикт. 2469 *м*) ээлейт. С. ж. а. плейстоцендеги муз каптоонун Европадагы ири борбору болгон. Негизинен мелүүн климат басымдуу, батышында океандык, Скандинавия тоолорунун чыгышында континенттик. Дарыялары (ирилери: Гломма, Клар-Эльвен, Турне-Эльв) ж-а көлдөрү (Венерн, Веттерн, Меларен) коп. Жалпы аянты 5 миң *км*²го жеткен моңгүлөр бар. Аймагынын 43%тейн токой. Коп бөлүгүндө тайга, түштүгүндө аралаш ж-а жазы жалбырактуу токой өсөт. Токой алкагынан жогору (тоолорунда) тундра өсүмдүктөрү таралган. Жаныбарлары: багыш, түлкү, коён, лемминг ж. б.

Ад.: Ерамов Р. А., Физическая география зарубежной Европы, М., 1973; О' Делл Э., Скандинавия, пер. с англ., М., 1962.

СКАНДИНАВИЯ ТООЛОРУ—Скандинавия ж. а-ндагы тоо системасы, Швеция м-н Норвегияда. Уз. 1700 *км*, туурасы 200—600 *км*. Эң бийик жери 2469 *м* (Гальхёпигген чокусу). С. т. боксо ж-а кырка тоолордон, тоо аралык ороондордон турат. Терең ороондор, фьорддор м-н тилмеленген тайпак жондор коп. Рельефи байыркы моңгүнүн аракетинен өтө жылмаланган. Азыркы рельеф пайда болуу процесстеринде суу эрозиясы, жог. (нивалдык) алкакта кар ж-а моңгү аракеттери чоң мааниге ээ. С. т-нда Европадагы ири моңгүлөр (жалпы аянты 5 миң *км*²) жайгашкан. Негизинен кембрийге чейин ж-а томонку палеозойдо пайда болгон кристалл ж-а метаморфизм тоо тектеринен (гранит, гнейс, кварцит, кристаллдык слапец) турат. Кен байлыктары: темир рудасы, жез, титан, пирит. Климаты мелүүн океандык. Жылдык жаан-чачыны батыш капталдарында 3000 *мм*, чыгышында 400—800 *мм*. Дарыларынын көбү кыска, суусу мол; көлү коп. Тайга токою (карагай, мырза карагай, кайың ж. б.) ж-а тоо тундра өсүмдүктөрү басымдуу. Батышында вереск өсүмдүктөрү, саз жерлер бар.

СКАПОЛИТ (гр. skápos — сөңгөк, өзөк, түркүк ж-а lithos — таш) — силикаттар классындагы минералдардын тобу; хим. элементтердин томонкудой изоморфтук серияларын турат; $3NaAlSi_3O_8 \cdot NaCl - 3CaAl_2Si_2O_8 \cdot (CaCO_3, CaSO_4)$. Сериядагы патрийлүү четки минерал **мариалит**, кальцийлүү четкиси — **мейонит** деп аталат. Алардын ортосунда дипир ж-а мицонит бар. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 5—6; салыпт. салм. 2,5—2,7. Өңү ак, сары, көк (главколит), кызгылтым. С. метаморфизмделген тоо тектерде, скарнда, гидротерм эритмелери өзгөрткен негиздүү тоо тектерде болот. Кооздук таш (главколит) катары колдонулат.

СКАРЛАТИНА (лат. scarlatum — ачык кызыл) — көбүнчө балдарда (6—7 жашка чейинки) жолугуучу, катуу кармама жугуштуу оору. С-нын клиникасын 17-к-да Т. Сиденхем (англ. врач) мүнөздөп жазган. Оорунун козгогучу — кызыл кан денечелерин эритүүчү *токсиндерди* чыгаруучу стрептококк. С. оорулуудан же бактерияны алып жүрүүчү адамдан соо кишиге шилекей чачыраганда, дем алганда жугат. Оору күзүндө, кышында көбүрөөк кездешип, 4—6 жылда кайталанат. С-дан кийин туруктуу иммунитет пайда болот. *Инкубация мезгили* 2—7 сутка. Андан кийин эт ысып, ал кетет, кустурат, көмөкөй кызарып, ангина пайда болот. Моюндун жог. лимфа түйүндөрүнүн көлөмү чоңоюп ооруйт, денеге майда кызыл бүдүрлөр чыгат. Оору 3—6 сутка созулат. Кызыл тактар жоголгондон кийин тери түлөйт. Дарылоодо *антибиотиктер*, С-га каршы атайын сыворотка (кан сары суусу) колдонулат. Ооруга тиешелүү *карантин* чараларын жүргүзүү зарыл.

Ад.: Носов С. Д., Детские инфекционные болезни, 4 изд., М., 1973.

СКАРН (шведче scarn — баткак, таштанды) — контакт метаморфизми онүккен аймактагы метасоматоз жолу м-н пайда болгон ак таш-силикаттуу тоо тек. С-дын негизги составын *гранат*, везувиан, кальцит, пироксендер ж-а амфиболдор түзөт. С. пайда болуш шартына карай ак таштуу ж-а магнезиялуу болуп ажыратылат. Ак таштуу С. 10—12 *км*ге чейинки терендикте ак таш м-н алюмосиликаттардын контактында магма кристалдануш ката баштагандан кийинки шартта пайда болот. Магнезиялуу С. доломит тоо теги м-н аны жирип чыккан магманын ортосундагы реакциядан же өтө терендиктеги доломит м-н аллюмосиликаттардын контактында пайда болот. С. көбүнчө кабат, линза, тарам түрүндө контакты бойлой жайгашат. С. м-н бирге көпчүлүк учурда жездин, коргошундун, цинктин, калайдын ж-а темирдин при кендери кезигет. Ө. ж. маанисиндеги С. кендери Уралда (Магнитогорск темир кени), Каз-нда (Соколов-Сарбай темир кени), О. Азияда (Алтын-Тапкан полиметалл кени) ж. б. жерлерде бар.

Ад.: Жариков В. А., Скарновые месторождения, в кн.: Генезис эндогенных рудных месторождений, М., 1968.

СКАРН КЕНДЕРИ — скарн процесскен пайда болгон руда кендеринин тобу, к. *Скарн*.

СКАФАНДР (гр. scáphē — кайык ж-а andrós — киши) — бөтөнчө шарттарда (өтө сейректелген атм-рада, космосто, суу астында) адамдын тиричилик аракетин ж-а иштөө жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуучу, жекече герметикалык кийим. С. адатта костюмдан, туулгадан (шлёмдон), мээлейден ж-а ботинкадан турат. Дем алуу аралашмасын пайда кылуу ыкмасына жараша С. вентиляциялык ж-а регенерациялык болуп бөлүнөт. Колдонулушуна карата С. бийиктикте сактагыч, космостук ж-а суучулдук болуп айырмаланат.

СКВАЖИНА, бургулоо кезеңеги — бургулоо установкасы м-н кезелүү, диаметри 75—300 *мм*, терең. 5 *м*ден ашык тегерек кесилиштеги тоо-кен казмасы. С. жердин үстүнкү бетинен башталып, горизонтко карата ар кандай бурч б-ча кенди кесип өтүшү мүмкүн. Ал скважинанын башталышы (устье), түбү (забой) ж-а озогу болуп айырмаланат. Арналышка жараша С. чалгындагыч, эксплуатациялык, жардамчы, атайын, жардыргыч болуп бөлүнөт. Катуу кендерди бургулоодогу чалгындоо С-нын диаметри 59 ж-а 76 *мм*, нефть ж-а газ-



Нефть ж-а газ скважинасынын эксплуатациялык конструкциясы: *1* — багыты; *2* — кондуктор; *3* — жуун-тазалагыч суюктук; *4* — цемент ташы; *5* — эксплуатациялык колонна; *6* — продукция катмары; *7* — перфорацияланган козеноктор; *8* — колонна борку; *9* — жылдырма тээк; *10* — крестовина.

дарда — 100÷400 *мм*. С. тоо тектерин уратуу, сыртка алып чыгуу, капталдарын уратпай тосуу м-н түзүлөт.


СКВОРЦОВА Матрёна Ермолаевна (25. 3. 1895-ж. т., Кыргыз ССРи, азыркы Калинин р-ну, Калинин кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1948). 1929—32-жылдары т. ж. жумушчусу. 1932-жылдан Калинин р-нунун Ленин атн. к-зунда иштеген. 1934-жылда ошол райондун «Красный Восток» к-зунда кызылча өстүрүүчү звеного башчы. 1947-ж. ал башкарган звено 2 *га* алитын гектарынан 875 *ц*ден түшүм алган. Ленин ордени, медалдар ж-а «СССРдин социалисттик айыл чарбасынын отличниги» значогу м-н сыйланган.

СКВОРЦОВ-СТЕПАНОВ Иван Иванович [24. 2(8. 3). 1870, Москва обл., Богородск, азыркы Ногинск ш.— 8. 10. 1928, Сочи] — советтик мамл. ж-а парт. ишмер, тарыхчы, экономист. 1896-жылдан Компартия мүчөсү. Кызматчынын үй-бүлөсүнөн. 1890-ж. Москва мугалимдер ин-тун бүтүргөн. 1891-жылдан рев-ячыл кыймылга катышкан. Бир нече жолу камалган. РСДРПнин 4-съездине (1906) Москва парт. уюмунан делегат. 1914—17-ж. Москвада парт. иш жүргүзгөн. 1917-жылдагы Февраль рев-ясынан кийин Москва советинин «Известия» газетасынын редактору. Совет өкмөтүнүн биринчи түзүлгөн составына кирип, финансы эл комиссары болгон. 1919—25-ж. жумушчу кооперациясынын бүткүл россиялык советинин председлинин орун басары. 1926-ж. ВКП(б) БКга каршылуу В. И. Ленин ин-тунун директору. Троцкизмге ж-а «жаңы оппозицияга» каршы активдүү күрөш жүргүзгөн. Партиянын 10—15-съездеринин делегаты: 10—13-съездерде РКП(б)нин Борб. текшерүү комиссиясынын, 14 — 15-съездерде ВКП(б) БКнын мүчөсү. С.-С.—рев-ячыл кыймылдын тарыхы, саясий экономия ж. б. б-ча эмгектердин автору. К. Маркстын «Капиталын» орусчага которгон ж-а редакторлогон. Соогу Кызыл Аянтта Кремль дубалына коюлган.

Чыг.: Избр. произв., т. 1—2, М.—Л., 1930—31; Избранное, М., 1970.

Ад.: Акматов Ю., Устинов В., Верный сын партии, М., 1960.

СКЕЛЕТ (гр. skeletós — катып калган) — кишинин ж-а жаныбарлардын денесине таяныч берүүчү ж-а түрдүү




Омурткасыз жаныбарлардын скелеттери: 1— моллюскалардын үлүл кабыгы; 2 — былпылдактын ийнелеринин түрдүү формасы; 3 — дарыя рагынын чоңкуту.

мех. таасирлерден сактоочу тыгыз ткандардын жыйындысы. Ал өзүнө бекиген булчуңдардын жыйрылып-бошоңдошунан денени кыймыл аракетке келтирет. С. сыртқы ж-а ички болуп бөлүнөт. Омурткасыздардын көпчүлүгүнүн сыртқы С-и раковина же *кутикула* түрүндө болот. Курттардын көбүнүн кутикуласы хитинден турган панцирди пайда кылат. Ал ошондой эле мезгил мезгили м-н түшүп, улам жаңырып турат. Омурткасыздардын (мис., былпылдактын) ички С-ин спикулалар (ийнечелер) түзөт. Төмөнкү хордалуулардын ички С-и хордадан, омурткалуулардыкы — омуртка тутумунан, баш сөөк ж-а кол, буттардын С-инен түзүлөт.

Кишинин С-и 200дөн ашык сөөктөн турат. Ал баштын, тулку бойдун, ийиндин, бел кырчоонун С-и болуп бөлүнөт. Кишинин С-и түйүлдүктүн өөрчүшүнүн эки айынан кийин туташтырма ткандан кемирчекке айланып, алардын сөөктөнүшү 25—26 жашка чейин созулат. Сөөктөрдөн башка С-тин составына кемирчектер да кирет. Адам улгайган сайын С-тин сөөктөрү *остеопороздо* учурайт. Эркек м-н аялдын С-инин түзүлүшүндө айырмалар бар, мис., аялдарга караганда эркектердин кол-буттарынын сөөктөрү чоң, жамбаш чарасы кууш, көкүрөгү кең болот. Кишинин С-инин сүрөтүн к. *Анатомия* макаласынан.

Ад.: Шмальгаузен И. И., Основы сравнительной анатомии позвоночных животных, 4 изд., М., 1947; Беклемишев В. Н., Основы сравнительной анатомии беспозвоночных, 3 изд., т. 1—2, М., 1964; Привес М. Г. [и др.], Анатомия человека, Л., 1974. Синельников Р. Д., Атлас анатомии человека, 4 изд., т. 1, М., 1972.


СКЕПТИЦИЗМ (гр. skeptikós — ойлотоочу) — объективдүү дүйнөнү таанып-билүүнүн акыйкаттыгына шек келтирген филос. багыт. Ал байыркы Грецияда пайда болгон (Пиррон, Энесидем, Секст-Эмпирик, Аркесилай, Карнеад). Бурж. философиянын о. кылымдык идеология ж-а чиркөө м-н болгон күрөшүндө (М. Монтень, П. Шаррон, П. Бейль) прогрессчил



Түрдүү омурткалуулардын скелети: I — балыктыкы; II — бакалыкы; III—кескелдиритки; IV—коргочкондуку; V — коёндуку; *1* — баш сөөгү; *2* — омуртка тутуму; *3* — ийин курчоосу; *4* — жамбаш курчоосу; *5* — кабыргалар; *6* — сүзгүч канаттарынын скелети; *7* — алдыңкы бутунун скелети; *8* — арткы бутунун скелети.



М. Е. Скворцова.



И. И. Скворцов-Степанов.

роль ойногон. С-дин ашыгнан түрү — *агностицизм*. Ал Д. *Юм* ж-а И. *Кант*, о. эле азыркы бурж. философторго таандык. С. агностицизмге каршы айтылуучу аргументтер м-н төгүндөлөт. Коомдук турмуштун практикасы объективдүү чындыкка жетүүгө мүмкүн экендигин далилдейт.

СКЕРЦО (итал. scherzo — тамаша) — 1) 16—17-к-да Италияда оюн-тамаша мүнөздөгү тексттерге жазылган бир же көп добуштуу вокалдык пьеса. 2) Каприччиого таандаш пьеса. Көбүнчө аспаптык сюита тобуна, 18-к-дан соната—симфония циклине (симфония, соната, квартет ж. б.) кирген. С. өлчөмү $\frac{3}{4}$ же $\frac{3}{8}$; тез темпте ойнолот. Адатта репризалуу үч бөлүмдүү формада жазылат. С-нын классикалык түрүн Л. Бетховен калыптандырган; Ф. Шуберт, П. Чайковский, А. Бородин, С. Прокофьев, Д. Шостаковичтин чыг-лыгында С. сонатасимф. циклдин бөлүгү катары оңүккөн. Муз. романтизм доорунда Р. Шуман, Ф. Шопен, И. Брамс, Ф. Мендельсон, М. Мусоргский ж. б. жеке муз. пьеса претинде жаратышкан. С. жанры К. Молдобасанов ж. б. кыргыз композиторлорунун чыг-лыгында да кездешет.

СКЕТЧ (англ. sketch — набросок) — 19-к.—20-к-дын башында коюлган, эки же үч кейипкер катышкан кыска пьеса. С. көбүнчө эстрадада көцири таралган. Аның авторлору: Ж. Барри, Б. Шоу, Ж. Пристли (Улуу Британия), У. Сароян, Ж. Тэрбер (АКШ), Ж. Куртелин (Франция), А. Т. Аверченко, А. П. Чехов (Россия); сов. мезгилде: В. Е. Ардов, А. С. Бухов, Г. И. Горин, В. З. Масс ж. б.

СКИПИДАР, терпентин майы — кескин жыттуу, тунук суюктук. Кайноо t 153—180°С, тыгыз. 0,855—0,863 *г/см*³; сууда эрибейт, орг. эриткичтерде эрийт, абада оңой кычкылданат. Ал пине жалбырактуу даректардан алынган чайыр сымал затты (живицаны) суу буусу м-н буулантуудан алынат. С.— терпен углеводороддорунун көп компоненттүү аралашмасы. Аның составы сырьёго жараша болот. Өндүрүштө лак ж-а боёк материалдарынын эриткичи, камфора, терпингидрат, майлагыч майларды, жыпар жыттуу заттарды ж. б. алууда сырьё катары ж-а медицинада колдонулат.

СКИФ МАМЛЕКЕТИ — Кара деңиздин түндүгүндө скиф урууларынын биригүүсүнөн пайда болгон саясий бирикме. Окумуштуулардын бир тобу С. м-нин түзүлүшүн скифтердин Кичи Азияга жасаган жортуулуна (б. з. ч. 7-к-да), же Геродоттун (б. з. ч. 5-к.) жашаган дооруна тогойт. Экинчи тобу (б. з. ч. 4-к.) скифтер өлкөсүн падыша Атей бириктирген ж-а скифтердин гүлдөгөн мезгилинде түзүлгөн дейт. Үчүнчү тобу б. з. ч. 3—2-кдын аралыгын болжолдошот. С. м-нин админ. ж-а соода-экон. борбору Төмөнкү Днепр боюндагы райондо жайгашкан (Камень ш-часы). Б. з. ч. 3-к-да *сарматтардын* кысымы м-н борбору Крымга көчүрүлгөн. С. м-нин экон. ж-а саясий гүлдөшү Палак ж-а Скилур падышалык кылган мезгилге таандык. Б. з. з-к-нда готтор талкаланғандан кийин С. м. жоюлган.



М. Склодовская-Кюри.

СКИФТЕР—б. з. ч. 7—б. з. 3-к-да Кара деңиздин түндүгүндө жашаган салттын жалпы аты. С-дин келип чыгышы талаш, али да чечиле элек. Иран тилинде сүйлөгөн ар кайсы уруулардан калыптанган. С-ди изилдөөдө айрыкча римдик авторлордун (Геродоттун) маалыматтары ж-а археол. далилдер — негизги булак. С-дин тарыхы (б. з. ч. 7-к-да) киммерийликтерди басып алуусунан ж-а Байырку Чыгыш өлкөлөрүнө жасаган жортуулунан башталат. С. б. з. ч. 7-к-дын 70-жылдарында Кичи Азия, Сирия, Палестинаны каратып, Алдыңкы Азияны сураган. Б. з. ч. 6-к-дын башында ал жерден мидиялыктардан сүрүлгөн. С. негизинен Дон м-н Дунайдын ортосундагы талаа ж-а Крымдын талаалуу бөлүгүн мекендеген (түп. чек арасы белгисиз). С. бир нече уруудан болуңгон. Геродоттун билдирүүсү б-ча Днепр м-н Дондун ортосунда падыша, төмөнкү Днепрдин оң жээгинде ж-а Крымдын талаалуу бөлүгүндө көчмөндөр, Ингул м-н Днепрдин ортосунда көчмөндөр м-н аралаш дыйкан С. жашаган. С-дин Кара деңиз боюндагы кулчулук шаарлар м-н жүргүзгөн соода-сатыгы С-деги таптык коомдун өнүгүшүн күчөткөн. Скиф уруулариның биригүүсү башында падыша турган кул ээлик тибиндеги мамлекетти пайда кылган. Б. з. ч. 5—4-к-да падыша Атей башка скиф падышаларын өзүнө каратып, б. з. ч. 4-к-дын 40-жылдарында С-дин Азов деңизинен Дунайга чейинки аймагын бириктирген. Арх-ялык изилдөөнүн натыйжасында Камень шаар урандысы (б. з. ч. 5—3-к-да) С-дин админ., соода ж-а экон. борбору болгондугу аныкталган. Б. з. ч. 339-ж. македониялык падыша Филипп II м-н болгон согушта падыша Атей өлгөн. С. сарматтардын чабуулунан кийин (б. з. ч. 3-к.) оор жоготууларга учуран, мамлекеттин борборун Крымга көчүргөн. Анда скиф падышалыгы (б. з. 3-к-дын 2-жарымына чейин жашаш) гот уруулары тарабынан талкаланган. С. өз алдынчалыгын ж-а этностук өзгочөлүгүн таптакыр жоготуп, Кара деңиздин түн. боюндагы өлдөрө аралашып кеткен.

С-дин иск-восу Кара деңиздин түн. боюндагы мад-ттын мыкты үлгүлөрүнөн болуп эсептелет. С. көрүстөндөрүнөн кооздолгон буюмдар — саадак м-н кын, кылыч сап, жүгөн-куюшкан, кацылтыр, күзгү сап, билерик ж. б. табылган. Алардын беттерине тартылган айбанаттар (бугу, багыш, эчки, жапайы куштар ж. б.) м-н жыртқычтардын кармашуулары ж. б. чагылдырылган. Сүрөттөр чуқурайтуу, куюу, ныгыра басып наар түшүрүү, кесүү жолу м-н алтын, күмүш, темир ж-а колого түшүрүлгөн. СССРдин европ. бөлүгүндө жашаган С-дин иск-во эстеликтерине Келермес, Карагодеуашх, Куль-Обо, Солоха, Чертомлык көрүстөндөрү, ең сонун дубал саймасы (скиф Неаполунан табылган) кирет.

Ад.: Граков Б. Н., Скифы, М., 1971; Черников С. С., Загадки золотого кургана. Где и когда зародилось «скифское искусство», М., 1965.

СКЛЕРА (гр. sklerós — катуу), б е л о к т у у ч е л, к о з д у н а г ы — көздүн сырткы туташтырма ткандуу кабыгы. Көпчүлүк омурткалуулардын С-сынын составында склера шакегин пайда кылуучу кемирчек ткани м-н сөөк пластинкасы болот. Кишинин С-сы бири бири м-н чырмашкан тыгыз талчалуу ткандан турат. Аның сырткы катмарындагы бири бирине жылчыктар аркылуу бөлүнгөн коллаген талчалары м-н пластинкалары көздүн айланын кыймылдашына жардам берет.

СКЛЕРИТ — *склеранын* сезгенишн. Ага *бруцеллёз, кызыл жүгүрүк, туберкулёз*, впрустук ж. б. оорулар себеп болот. С-те көз катуу ооруйт, склерада *инфильтрат* пайда болот. Көп учурда *кератит* м-н придсиклитке (көздүн жаа сымал кабыгынын ж-а кирпик этинин сезгенишн) айланат. Дарылоодо *антибиотиктер, гормон дарылары*, жылуулук басуу, *физиотерапия* колдонулат.

СКЛЕРОДЕРМИЯ — *коллаген оорулариның* бири. Мында тери ж-а аның астындагы катмар, кээде ички органдар катуу берчке айланат. С. чектелген ж-а жалпы болуп болүнөт. Чектелген С-да адегенде териде ар кандай өлчөмдөгү кызгылт так пайда болуп, кийин алардын ортосу катуулanat, терinin өңү өчө баштайт, түгү түшөт. Жалпы С. бетти, башты, бутту, колду, тулку бойду жаралайт, кан тамырлар тарыйт, муун ооруп, тери бузулуп, кыймыл-аракет начарлайт. Дарт ички органдарга өткөндө өпкө, кызыл өңгөч ж. б. органдарды берчке айлантып, функциясын начарлатат. Дарылоодо стероиддер, *кан тамырларын кеңейткич дарылар, физиотерапия* колдонулат.

СКЛЕРОЗ (гр. sklerosis — катуулануу) — кишинин ж-а айбанаттардын органдарында туташтырма ткандын катуулanышы. Анда органдын негизги функциясын аткаруучу клеткалар (паренхима) өлүп, алардын ордуна катуу туташтырма ткандар өсөт. Көздө ошол жерде амилоид, гиалин, акк таштар пайда болот. Паренхима элементтеринин өлүшүнө *сезгенүү*, айрыкча өпкөт оорулар *(котон жара, туберкулёз, кызыл жүгүрүк)*, кандын айланышынын, зат алмашуунун бузулушу ж. б. себеп болот. Туташтырма ткандар жыш оссө, диффуздук С. делет, эгер андай ткань ар жерде оссө, органдын сырты бүдүр болуп деформацияланат (мис., бөйрөк, боор бүдүрөйүп калат).

Ад.: Струков А. И., Патологическая анатомия. М., 1970.

СКЛЕРОТИНИОЗДОР — өсүү циклинде склероцийи бар патогендүү мите козу карындар пайда кылуучу өсүмдүк илдеттери. Алардан күп карама, сабиз, капуста ак чиригн, беде рагы өтө выяндуу. С. көбүнчө күздүк буудай, кара буудай, жер жаңгак, тамеки, картошка, пахта, жүгөрү ж-а көп жылдык чөптү илдетке чалдыктырат. Илдетке чалдыккан өсүмдүк солуйт же аз түшүм берет. Күрөш чарасы: терең тоңдурма айдоо, кычкыл топуракты аки таштоо, себүү мезгилин туура сактоо, талаада суу чөөлмөктөтпөө, солуган өсүмдүктү тазалоо, илдеттүү өсүмдүктү чогултуп орттоо ж. б.

Ад.: Фитопатология, под ред. П. Н. Головина, М. В. Горленко, Л., 1971.

СКЛОДОВСКАЯ-КЮРИ Мария (7. 11. 1867, Варшава — 4. 7. 1934, Сансельмо, Жог. Савойя департаментинде; сөөгү Парижге жакын Содо коюлган) — физик, химик, радиоактивдүүлүктү ил. изилдөөгө негиз салуучу. Улуту поляк. Париж ун-тин бүтүргөндөн кийин (1895), П. *Кюриге* турмушка чыгып, аның лабор-ясында иштей баштаган. Ошол ун-ттин доктору (1803, проф. 1806), 1914-жылдан Париждеги Радий ин-тунун физика-химия болүмүн жетектеген. 1897-ж. радиоактивдүү заттарды изилдөө б-ча баштаган иши физика ж-а химияның жаңы болүмдөрүнүн негизи болду. 1898-ж. жубай Кюрилер жаңы хим. элементтерди — *полоний* м-н *радийди* ачышкан. Радийдин татаал нур чыгарарын байкашып, аның башка заттарга аракетин негиздешип, радийдин алынын методун сунуш кылышкан. 1902-ж. дециграмм таза радий тузун болуп алып, аның атом салмагын, физ., хим. касиетин, элементтердин мезгилдик системасындагы ордун аныктаган. С.-К-нин негизги эмгектери радиология ж-а рентгенологияга арналган. Нобель сыйл. эки жолку (1903; 1911) лауреаты. Көп өлкөнүн ИАсынын мүчөсү.

СССР ИАның ардактуу мүчөсү (1926).

СКОБЕЛЬЦЫН Дмитрий Владимирович [12(24). 11. 1892-ж. т., Петербург] — советтик физик, СССР ИАның акад. (1946; корр. мүчө, 1939), Соц. Эмг. Баатыры (1969). Петроград ун-тин бүткөндөн (1915) кийин Ленинграддагы политех. (1916—1937) ж-а физика-тех. (1925—1939), кийин СССР ИАның Физика ин-тунда (1937-жылдан, 1951—72-ж. директору) эмгектенген. 1929—31-жылдарда Францияга командировкага жиберилип, М. Склодовская-Кюринин лабор-ясында иштеген. 1940-жылдан МГУнун проф. Негизги эмгектери атом ядросунун физикасы м-н космос нурларының физикасына арналган. 1923-жылдан Вильсон камерасын магнит талаасында биринчи колдонуп, ү-нурунун персе м-н өз ара аракетин изилдеген. С. 1927—1929-ж. космос нурларының заряддуу бөлүкчөсүн ачып, энергиялуу бөлүкчөлөр - физикасына негиз салды. СССР мамл. сыйл. лауреаты (1951). СССР Жог. Советинин (4—8-шайл.) депутаты. 1950—74-ж. «Элдер ортосундагы тынчтыкты чыңдагандыгы үчүн» Эл аралык Лениндик сыйлыктар комитетинин пред-ли, 6 Ленин ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

СКОВОРОДА Григорий Саввич [22. 11(3. 12). 1722, Полтава губ., Чернухи кыш.— 29. 10(9. 11). 1794, Ивановка кыш., азыркы Харьков обл., Сковородиновка] — украин философу, агартуучу-демократ, акын. Киев-Могилян диний академиясынан билим алган (1738—41; 1744—50). Диний мансаптан четтеп, эл кыдырган үгүтчү-философко айланган. Көз карашы карама-каршылыктуу болгон. Философиянын негизги маселесин чечүүдө материализм м-н идеализмдин ортосунда олку-солку болгон, бирок материализмге көбүрөөк оогон. С-нын окуусуна дуализм мүнөздүү. Социалдык идеялары көбүнчө утопиянын чегинде калган.

СКОЛИОЗ (гр. skoliosis кыйшаюу, ийрейүү) — кишинин *омуртка тутумунун* кыйшаюусу. Ал 5—15 жаштагы балдарда (кыздарда 3—6 эсе көп) учурайт. С. омуртка тутумунун көкүрөк бөлүгүндө, белде болушу мүмкүн. Анын оор түрүндө жамбаш кыйшайып, басышы бузулуп, өпкө, жүрөктүн иши начарлайт. Туба са С. *түйүлдүктүн* туура эмес өсүшүнөн келип чыгат. Кийин пайда болгон С. итий, травма (омуртка тутумунун травмасы ж. б.) натыйжасында пайда болот. Мектеп жашындагы балдар партага туура отурбагандыгынан да С. болот. Алдын алууда негизги себептерин жоюу, балдарды партага туура отурууга үйрөтүү, *айыктыруу физкультурасы, суугa сүзүү* зарыл. С. күчөсө — атайын корсет, хирургиялык дарылоо колдонулат.

Ад.: Мовшович И. А., Сколиоз, М., 1964.

СКОМОРОХ — о. кылымдагы орус актёрлору. Алар бир эле мезгилде ырчы да, бийчи, музыкант болгон, өз алдынча ыр ж-а драмалык чыгарларды жараткан. 11-к. ченде пайда болуп, 15—17-к-да гүлдөгөн. С-тор комедия, драма сценкаларын, муз.-бий ж-а акробатика номерлерин аткарып, үйрөтүлгөн айбандарды ойнотушкан. С. өнөрү чиркөө идеологиясына каршы болгондуктан алар дин кызматчылары тарабынан куугунтукталып, 1648-ж. ж-а 1657-ж. указ м-н тыюу салынган. 17—19-к-да С. өнөрү көчмө, куурчак ж. б. театрларда гана өнүккөн.

СКОМОРОХОВ Николай Михайлович (19. 5. 1920-ж. т., Лапоть кыш., азыркы Саратов обл., Красноармейский р-ну, Белогорский кыш.) — эки жолу Сов. Союз. Баатыры (23. 2. 1945, 18. 8. 1945), авиациянын генерал-полковниги (1972), СССРдин эмг. сиң. аскер учкучу (1971). 1943-жылдан КПСС мүчөсү. Учкучтардын Батайск авиация мектебин (1942), М. В. Фрунзе атн. (1949) ж-а Генштаб (1958) Аскер академияларын бүткөн. Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) Түш.-Батыш, 3-Украин ж. б. фронттордо салгылашып, учкуучтан эскадрилья командирлигине чейин жеткен. 143 согуштук учуш жасап, жеке өзү душмандын 46, башкалар м-н 8 самолётун атып түшүргөн. Согуштан кийин ААКта командирлик кызматта. 1973-жылдан Ю. А. Гагарин атн. Аскер-Аба академиясынын начальниги. СССР Жог. Советинин (7—8-шайл.) депутаты. Ленин ордени, 5 Кызыл Туу, 1-дараж. Ата Мекендик Согуш, Александр Невский, Кызыл Жылдыз ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

...СКОП (гр. skopeo — карайм) — байкоо жүргүзүүчү прибор же башка аспапты түзүүчү татаал создордун аныкы бөлүгү (мис., *микроскоп*).

...СКОПИЯ (гр. skopéo — карайм, байкоо жүргүзөм) — татаал создордун байкоо жүргүзүү, кадимки (куралсыз) көз же телескоп ж. б. аппараттардын жардамы м-н изилдөө дегендей маанилерди түзөтчү аныкы бөлүгү, мис., *Ректоскопия*.

СКОПОЛАМИН — мендубана, чочко жаңгактын жалбырактарының, скополиянын тамырының *алкалоиди*. Хим. түзүлүшү ж-а физиол. касиети б-ча атропинге окшош. С-дин бромгидраты *анестезиологияда, паркинсонизмде* ж. б. колдонулат, о. эле кустурбоочу каражат — аэрондун составына кирет.

СКОПЬЕ, С к о п л е — Югосл-ядагы шаар. Македония Соц. Респ-касының борбору. Вардар д-нын боюнда. Жолдор тоому. Калкы 350 миң (1975). С-де Македониядагы о. ж. өндүрүшүнүн ½ тонтолгон. Айрыкча а. ч. продукцияларын иштетүү өнүккөн. Тамеки (Югосл-ядагы эң ири), пиво кайнатуу, жемиш-жашылча консервалоо, самын жасоо, жеңил, металлургия, алюминий буюмдары, а. ч. машина, химия, айнек, цемент ж-а мебель ө. ж. ишканалары бар. Килем токулат. 1963-ж. жер титирөөдөн дээрлик кыйраган. Шаарда Македония ИА, ун-т ж. б. бар. С. б-к-да негизделген.



Д. В. Скобельцын.



Г. С. Сковорода.

СКОРИНА Франциск (1490-жылдан мурда, Полоцк — 1541-жылга чейин Прага) — белорустун түңгүч китеп басып чыгаруучусу ж-а агартуучу. 1504-ж. Краков ун-тинде окуп, философиянын бакалавры даражасын алган. 1512-ж. Падуа ун-тине медицинаны доктору деген даража алуу үчүн экзамен берген. С. китеп басуу ишин Прагада баштаган. 1517-ж. ал «Псалтырды» славян тилинде чыгарган. 1517—19-ж. Библиянын 19 китебин баскан. С-ның китептеринин көркөм жасалгасы мыкты болгон. 20-жылдардын башында Вильнюска келип, азыркы СССРдин аймагында биринчи басмакана ачкан. 1522-ж. «Кичинекей жол китепчесин», ал эми 1525-ж. славян тилинде «Апостолду» басып чыгарган. С. басып чыгарган китептерине өзү баш сөз, корутунду сөз, эскертүү, түшүндүрмөлөрдү жазган. Аның гуманисттик идеялары чыгыш славян элдеринин коомдук-саясий турмушуна таасирин тийгизген. Белорус адабий тилинин калыптанышы ж-а белорус жазмасынын өнүгүшү да С-ның ысмына байланыштуу. Өмүрүнүн акыркы жылдарында Прагада король Фердинандга врач ж-а багбан болгон.

Ад.: Немировский Е. Л., Белорусский первопечатник Франциск Скорина, «Полиграфия», 1967, № 8.

СКОРОДИТ (гр. skórodon — сарымсак; ургулаганда сарымсак жыттанат) — минерал, хим. формуласы $Fe(AsO_4)\times 2H_2O$. Составында Fe_2O_3—34,60%; As_2O_5—49,79%; H_2O — 15,61%. Составында P_2O_5 — 16%тен арбын болсо, фосфоскородит деп аталат. С. *ромб системасында* кристалланат. Түсү мала жашыл, киргилт жашыл, күрөң. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 3,5—4; салышт. салм. 3,1—3,3. С. мышьяк колчеданы (арсенопирит) же лёллингити бар кендердин кычкылдануу зонасында пайда болот. Мышьяк алынчу минерал.

СКОТТ Вальтер (15. 8. 1771, Эдинбург — 21. 9. 1832, Абботсфорд) — англ. жазуучу. Шотландиялык ак сөөк үй-бүлөдөн. Эдинбург ун-тинен укук б-ча билим алган. 1799-жылдан Сел-



А. Н. Скрябин.



К. И. Скрябин.

керк графтыгынын шерифи, 1806-жылдан соттун секретары. Адабий чыг-лыгын романтизм талапкери катары баштаган. С. тарыхый роман жанрына негиз салган. Крест түүлөрдүн жортуулунан тартып 17-к-дагы бурж. рев-яга чейинки ж-а Англиянын 18-к-дагы турмушун камтыган тарыхый романдар циклин жазган. «Уэверли» (1814), «Гай Мэннеринг» (1—3-т., 1815), «Антикварий» (1—3-т., 1816), «Пуритандар» (1—4-т., 1816), «Роб Рой» (1—3-т., 1818), «Эдинбург зынданы» (1818) романдарында Шотландиянын өткөндөгүсүнө кайрылып, патриархалдык уруу мамилелеринин бузулуш процесстин көрсөтөт. 20-жылдары жазылган «Айвенго» (1—3-т., 1820), «Кенилворт» (1—4-т., 1821), «Нигелдин жүрүшү» (1822), «Вудсток» (1—3-т., 1826) аттуу романдарында Англиянын тарыхындагы маанилүү кырдаалдарды чагылдырат. Романдарынын акыркы тобу — «Квентин Дорвард» (1—3-т., 1823), «Роберт — Париж графы» (1—4-т., 1832) ж. б. С-тун чыг-лыгы дүйн. тарыхый романдардын ж-а тарых илиминин өнүгүшүнө күчтүү таасир өткен.

Чыг.: в рус. пер. — Собр. соч., т. 1—20. М.—Л., 1960—65.

Ад.: Маркс К., Энгельс Ф., Об искусстве, т. 1, М., 1967; Рензов В. Г., Творчество Вальтера Скотта, М.—Л., 1965; Вельский А. А., Английский роман 1800—1810 гг., Пермь, 1968; его же, Английский роман 1820-х гг., Пермь, 1975; Вибиблиогр. указатель, М., 1958.

СКОЧИНСКИЙ Александр Александрович [1(13). 7. 1874, Олёкма кыш., азыркы Якут АССРи — 6. 10. 1960, Москва] — тоо-кен иштери б-ча сов. илимпоз, СССР ИАнын акад. (1935), Соц. Эмг. Баатыры (1954). Петербург тоо-кен ин-тун бүткөн (1900). Ошол ин-ттун (1906—30), Москва тоо-кен ин-тунун (1930—60) профессору. 1921—60-ж. тоо-кен иштери б-ча жетекчи кыйматтарда иштеген. 1944—51-ж. СССР ИАнын Батыш Сибирь филиалынын президиумунун пред-ли. С-дин эмгектери негизинен рудалык аэрология проблемасына, кен байлыктарды жер астында иштетүүнүн коопсуздугун түзүүгө ж. б. арналган. Тоо-кен иштеринде (шахтада) аба кыймылынын теориясын, чаңга каршы аэродинамикалык режим теориясын ж. б. түзгөн. СССР мамл. сыйл. лауреаты (1950, 1951). Беш Ленин ордени, эки Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

СКРАУП РЕАКЦИЯСЫ — дегидраттоочу агенттер ж-а кычкылдандыргычтардын катышуусунда биринчилик аромат аминдер м-н глицериддин реакциясына киришинен хинолинди, анын гомологдорун синтездөө. Дегидраттоочу агент катарында концентрацияланган күкүрт же ортофосфор к-тасы, аралык продукт болгон 1,2-дигидрохинолинди кычкылдандыруу үчүн аромат нитробирикмелер колдонулат. Реакцияны 1880-ж. австриялык химик Скрауп ачкан. Бул метод фармацевттик препараттарды ж-а фотосенсибилизаторлорду синтездөөдө кеңен колдонулат.

СКРЕПЕР (англ. scrape — тырмоо) — 1) жер казгыч-транспорт машинасы. С-дин жумуш аткаргыч органы — чөмүчү жердин үстүңкү бетин катмарлап сыйрып, түртүп барып, айдөшкө төгөт же тегиздейт. С. тартуу күчү, жүктөө ж-а түшүрүү ыкмалары, чөмүчүнүн параметри, кыймылга келтиргичинин түрү ж. б. белгилери б-ча бөлүнөт. Топуракты сыйрып шилөө үчүн С-дин чөмүчү төмөн түшүрүлүп, алга жылдырылат. Курулушта, негизинен жер тегиздөө иштеринде, тоо-кен ө. ж-нда ж. б. колдонулат. СССРде чыгарылган С. чөмүчүнүн көлөмү 3—25 $м^3$. 2) Жер бетинде, жер астында ж-а суу түбүндө казуу, ташуу ж. б. иштеринде колдонулуучу аркандуу-скрепер установкасынын жер казгыч органы (чөмүч).

Ад.: Домбровский Н. Г., Гальперин М. И., Землеройно-транспортные машины, М., 1965.

СКРИПКА (скрипеть—кыйчылдоо дегенден; итал. violino, фр. violon, англ. violin) — кылдуу тартма муз. аспап. Регистри б-ча скрипка тобундагы аспаптардын (С., альт, виолончель, контрабас) эң бийиги. С-ның төрт кылы квинта б-ча күүлөнөт. Ийинге коюп тартуу үчүн илайыкталган. Уз. 600 *мм*. Ал 15—16-к-да пайда болуп, 16—18-к-да Түн. Италияда С. жасоо чеберлеринин ири мектептери (Брешада — Г. да Сало, Ж. Мажини; Кремонада — А. ж-а Н. Аматилер, А. Страдивари) оркүндөгөн. 17-к-дан С. үчүн көлөмдүү чыгылар жаралган (А. Вивальди, Ф. Бенда, Н. Паганини, П. Роде, Ж. Эпеску, И. Хандошкин ж. б.). С. жеке (соло) ойнолот, симф., эстрадалык ж-а камералык оркестрлерде колдонулат.



СКРЫПНИК Николай Алексеевич [13(25). 1. 1872, Ясиноватая кыш., азыркы Донецкий обл-ндагы шаар — 7. 7. 1933, Харьков] — советтик мамл. ж-а парт. ишмер, БССР ИАнын (1928), УССР ИАнын (1929) акад. 1897-жылдан Компартия мүчөсү. Кызматчынын үй-бүлөсүнөн. 1900-ж. Петербургдагы Технология ин-тунан окуган, с.-д. «Рабочее знамя» тобуна кирген. 1901-жылдан *«Искранын»* агенти. РСДРП(б)нин 6-съездинин, Бүткүл россиялык советтердин 2-съездинин делегаты, ББАКтын мүчөсү. 1917—33-ж. Украинада парт. иште. ВКП(б)нин 9—16-съезддеринин делегаты; 12—14-съезддерде БКнын мүчөлүгүнө кандидат, 15—16-съезддерде мүчө. Коминтерндин 1—6-конгрессинин делегаты, 6-конгрессте ИККИнин мүчөсү. УКП(б) БКнын Саясий бюросунун ж-а БКнын мүчөсү. СССР БАКтын мүчөсү. 1927-жылдан СССРдин Улут советинин пред-ли. Эки орден м-н сыйланган.

Ад.: Бабко Ю., Солдат партии, К., 1962; Беляев В., Бесстрашный, неуловимый, в сб.: У истоков партии, 2 изд., М., 1969.

СКРЯБИН Александр Николаевич [25. 12. 1871 (6. 1. 1872), Москва — 14(27). 4. 1915, ошол эле жер] — орус композитору, пианист. 19-к-дын аягы — 20-к-дын башындагы көрөм мад-ттын ири өкүлдөрүнүн бири. 1892-ж. Москва консерваториясынын фортепиано классын (С. Танеев, В. Сафонов, А. Аренскийден таалим алган) бүткөн. 1898—1903-ж. анда проф. 1904—09-ж. чет өлкөдө (Швейцария, Франция, Италия) жашаган. Көрүнүктүү чыг-лары: 3 симфония, «Экстаз поэмасы» (1907) ж-а «Прометей» (1910) симф. поэмалары, фортепиано үчүн концерт (1897), сонаталар, миниатюралар, этюддар ж. б. 1922-ж. С-дин Москвадагы квартирасы музейге айландырылган.

Ад.: Александр Николаевич Скрябин. 1915—1940. Сборник, М.—Л., 1940; Альшванг А., А. Н. Скрябин, М.—Л., 1945; Дельсон В. Ю., Скрябин, М., 1971.

СКРЯБИН Константин Иванович [25. 11(7. 12). 1878, Петербург — 17. 10. 1972, Москва] — сов. гельминтолог, СССРде гельминтология илиминин негиздөөчүсү, СССР ИАнын (1939), ВАСХНИЛдин (1935), СССР МИАнын (1944) акад., Соц. Эмг. Баатыры (1958). 1905-ж. Юрьев (Тарту) вет. ин-тун бүтүрүп, 1911-жылга чейин О. Азияда вет. врач болуп иштеген. 1917—20-ж. Новочеркасскидеги Дон вет. ин-тунда, 1920-ж. Москва вет. институнда (азыркы Москва вет. академиясы) проф., ошол эле мезгилде Мамл. эксперименттик вет. ин-тунун (1931-ж. Бүткүл союздук гельминтология ин-ту) гельминтология бөлүмүнүн башчысы. 1921—49-ж. Тропик ин-тунун (азыркы Е. И. Марциновский атн. Мед. паразитология ж-а тропиктик медицина ин-ту) гельминтология бөлүмүнүн башчысы, 1942-жылдан СССР ИАнын гельминтология лабор-ясынын жетекчиси, 1943—52-ж. Кырг-нда илимдин, айрыкча гельминтология илиминин өнүгүшүнө зор салым кошкон. Ал — СССР ИАнын Кыргыз филиалынын Президиумунун пред-ли (1943—52) ж-а Кыргыз ССР ИАнын ардактуу акад. (1954. 1945-ж. Кыргыз ССРинин илимге эмг. сиң. ишмери деген ардактуу наам ыйгарылган). 1956—61-ж. ВАСХНИЛдин вице-президенти. Анын эмгектери мите

курттардын морфология, биология, филогения, систематика, экология, эпизоотология ж-а эпидемиологиясына арналган. С-дин жетекчилиги м-н (1919-жылдан) 300дөн ашык экспедиция уюштурулуп, алар СССРде жайпайы ж-а үй жаныбарларынын, адамдын гельминт фаунасын изилдөөдө медицинанын, ветеринариянын, саламаттык сактоонун пландуу чаралар комплексин иштеп чыгууда зор маанеге ээ болгон. С. мите курттардын (гельминт) 200дөн ашык жаңы түрүн таап, сыпаттап жазган. 120 жаңы уруусун негиздеген. Көшумча ж-а резервуарга ээ, транзиттүү паразитизм ж-а симбиопаразитизм, био- ж-а геогельминтоздор ж-дө илим м-н практикага жаңы түшүнүк киргизген. С. иштеп чыккан дегельминттөө ж-а девастация принциптери адамдын, малдын ж-а өсүмдүктөрдүн гельминтозодору м-н күрөшүүнүн негизи болот.

1922-ж. С. Россиядагы гельминт фаунаны изилдөө б-ча туруктуу комиссияны (1940-жылдан СССР ИАнын Бүткүл союздук гельминтологдор коому) негиздеген. С.— чет элдик бир катар академиянын (Франция, Болгария, Венгрия, Польша, Югосл-я ж. б.) мүчөсү, чет элдик көптөгөн ил. коомдун (АКШ, Улуу Британия, Бельгия ж. б.) ардактуу мүчөсү. СССР Жог. Советинин (2—3-шайл.) депутаты. Лениндик сыйл. (1957), СССР мамл. сыйл. (1941, 1950) лауреаты. Алты Ленин ордени, башка 4 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Анын ысмы Бүткүл союздук гельминтология ин-туна, Москва вет. академиясына, Кырг-н а. ч. ин-туна коюлган. Жамбыл, Чымкент ж-а Фрунзе ш-ның ардактуу адамы болгон. 1978-ж. К. И. Скрябин атн. сыйлык ж-а эстелик медаль белгиленген. 1973-жылдан ветеринария б-ча олутуу ил. эмгектерге ж-а ачылыштарга С. атн. алтын медаль ыйгарылат.

Чыг.: Основы общей гельминтологии, М., 1940 (совм. с Р. С. Шульцем); Трематодозы животных и человека, т. 1—23, М.—Л., 1947—70; Строительство гельминтологической науки и практики в СССР, т. 1—5, М., 1962—69 (совм. с др.); Девастация в борьбе с гельминтозами и другими болезнями человека и животных, Фр., 1947; Моя жизнь в науке, М., 1969.

Ад.: Антипин Д. Н., Шихобалова Н. П., Академик Константин Иванович Скрябин, М., 1949; Гильденблат А. А., Заяичковский И. Ф., Академик К. И. Скрябин и советская гельминтология, М., 1963.


СКРЯБИНЕМОЗ — Skrjabinema уруусундагы жумуру мите курттар (скрябинемалар) козгоочу илац. Мите курттар кой, эчки, жейрен ж. б. кепшөөчүлөрдүн жоон ичегисинде мителейт. С. жер шарынын бардык зоналарында таралган, Кырг-нда да кездешет. С. илацына кой, эчки жыл бою чалдыгат, илац жазында абдан көп учурайт. Аны скрябинемалардын сиркесин изилдөп табуу жолу м-н оорунун клиникалык белгилерине ылайык аныктоого болот. С. илацын дарылоо жолу али иштелип чыга элек.

СКРЯБИНОТРЕМАТОЗ — кой, эчкинин жалпак мите курттар козгоочу илацы. С. Кырг-нда, Өзб-нда ж-а Каз-нда кездешет. С. м-н көбүнчө 1—3 жашка чейинки кой, эчки илацдайт. Кой, эчки С-го жайкы жайытта чалдыгат. Күз ж-а кыш мезгилинде мите курттар кой, эчкинин чаар ичегисинде мителик кылат. Дарттуу малдын ичегисинин чел кабыкчалары сезгенет. Ичи отот. С. илацы кой, эчкинин корголуп изилдөө м-н аныкталат. С. илацын дарылоо жолдору иштелип чыга элек.

СКУЛЬПТУРА (лат. sculptura—кесем, чегем), и й ч и л и к — иск-вонун персенин көлөмдүү элесин тартчу түрү. С-ның негизги объектиси — адам, о. эле айбанат, табият, буюм. С-да адам касиетинин байлыгы, көп кырдуулугу анын пластикалык мүнөздөмөсү аркылуу берилет. С.— адамдын сулуулугун ж-а күчүн түбөлүккө сактоонун ж-а дацазалоонун кайталангыс формасы. Реалдуу көлөм — С-нын негизги көркөм каражаты; түс өтө шарттуу ж-а чектелген түрдө колдонулат. С. станковый, монументтүү-декоративдүү болуп бөлүнөт. Булардын ар биринде жумуру (статуя, бюст ж. б.) С. ж-а рельеф колдонулат. С. техникасы ж-а анын технологиясы живописке караганда татаал. Автордун чыг-лык иши м-н катар (мис., сомдоо ж. б.) скульптор-кол чеберлөрүнүн С. технологиясынын чеберлигинин эмгеги колдонулат. С-ның негизги материалдары: чопо, таш, жыгач, гипс, бетон, пластмасса, түрдүү металлдар ж. б. С-ның түрдүү жанрлары бар. Сов. иск-водо С-ның бардык жанры өнүгүүдө.

Ад.: Аркин Д. Е., Образы скульптуры М., 1961; Либман М. Я., О скульптуре, М., 1962; История русского искусства, т. 1—13, М., 1953—69; Молева Н., Скульптура. Очерки зарубежной скульптуры, М., 1975.

СКУМБРИЯЛАР, макрелдер (Scombridae) — балык тукуму. Дене-



1 — скумбрия; 2 — тунец; 3 — пеламида.

си узун, куйрук сүзгүчү эки ача. Куйрук жагында кошумча сүзгүч канаттары бар. Тулку майда түрүм-н капталган. Тропик, субтропик деңиздерде 15ке жакын уруусу таралган. СССРдин деңиздеринде скумбрия, пеламиддер ж-а тунецтер жашайт. С. суунун терецинде же үстүндө жүрөт, бат сүзөт, көпчүлүгү баалуу промыселдик балыктар.

СКУПА Иосеф (16. 1. 1892, Страконице — 8. 1. 1957, Прага) — чехосл-лык актёр, режиссёр ж-а куурчак театрынын сүрөтчүсү, театр ишмери. ЧССР эл арт. (1948). Чыг-лыгын 1916-жылдан баштаган. 1920-ж. сатиралуу куурчак оюндарынын каармандары Спейбл (1920) м-н Гурвинектин (1926) образын түзгөн. 1930-ж. Пльзенде «Спейбл жана Гурвинек театрын» уюштурган. 1944-ж. гитлерчилердин түрмөсүнө түшүп, андан качып чыккан. Прагадагы театрга жетекчилик кылган. 1933—57-ж. Эл аралык куурчакчылар союзунун президенти. ЧССР мамл. сыйл. лауреаты (1955).

«СКЫНТЕЙЯ» («Scînteia» — «Учкун») — күн сайын чыгуучу газета, Румыния коммунисттик партиясынын Борб. Комитетинин органы. 1931-ж. 15-августтан Бухаресте чыгат. Ал Сов. Армия Румынияны фашисттерден бошоткончо (1944, авг.) күүгүнтүкта болуп, жашырын, кол жазма (баракча) түрүндө чыгарылган. «С.» Румынияда элдик-демокр. түзүлүш м-н социализмдин жеңиши үчүн социализм идеяларын эл массасына таратууда зор эмгек сиңирген. Фашизмге каршы күрөштөгү активдүү эмгеги үчүн «Мекенди Коргоо» ордени м-н сыйланган. Тиражы 1,1 млн (1975).

СЛАВИСТИКА — славяндар, алардын тили, ад-ты, фольклору, тарыхы, материалдык ж-а духовный мад-ты ж-дөгү билимдердин системасы, к. *Славян таануу*.

СЛАВЯНДАР — Европадагы элдердин тилинин жакындыгы ж-а тегинин жалпылыгы б-ча бириккен ири тобу. Бул топтун составына чыгыш С. (орустар, украиндер, белорустар), батыш С. (поляктар, чехтер, словактар, лужицылар, кашебилер), түш. С. (болгарлар, сербдер, хорваттар, словендер, македондор, боснялыктар) кирет. С-дын жалпы саны 260 млн-го жакын (1970). Арх-ялык, лингвистикалык ж-а жазма маалыматтар б-ча С-дын эң эзелки мекени Орто ж-а Чыгыш Европа. С-дын ата-бабалары 3-миң жылдыктын аягы—2-миң жылдыкта Днепр, Карпат, Одер ж-а Балтика деңизи аралыгында жашаган. Кийин Балтика боюндагы С-ды герман (8—12-к.), словактарды — венгр феодалдары (10-к.) каратқан. Феод. алгачкы мамлекеттер түш. С-да 7—10-к-да, чыгыш С-да 9-к-да, батыш С-да 9—10-к-да калыптанган. С. 13-к-да монгол-татар баскынчыларына, 14-к-дан 20-к-дын башына чейин түркторлдун эзүүсүнө каршы күрөшкөн. Кийин батыш ж-а түш. С-дын бир бөлүгү Австрия м-н Пруссия бийлигинде калган. 1654-ж. Украина, 18-к-дын аягында чыгыш С-дын басымдуу бөлүгү Россияга кошулган. Орус-түрк согуштарынан (18—19-к.) кийин Черногория, Сербия, Болгария эркиндикке жетишкен. Экинчи дүйн. согушта С. башка элдер м-н бирге фашизмге каршы күрөшкөн. Согуш алктаган соң улуттук-бошт. ж-а рев-ячыл кыймылдын жеңишинин натыйжасында Борб. ж-а Түш.-Чыгыш Европанын

көпчүлүк славян өлкөлөрүндө элдик-демокр. түзүлүш орноп, соц. славян улуттары калыптанган.

Ад.: Народы Европейской части СССР, т. 1, М., 1964; Народы зарубежной Европы, т. 1, М., 1964.

СЛАВЯНДАРГА КАРШЫ КРЕСТ-ТҮҮЛОР КАЗАТЫ (1147)—Полаб ж-а Балтика боюндагы славяндарга каршы европ. (негизинен герман) феодалдардын баскынчылык жорүүлүү. Палестинага каршы 2-крест-түүлөр казаты м-н бир мезгилде башталып, бутбарас дининдеги славяндарды христиандаштыруу шылтоосу м-н жүргүзүлгөн. Казаттардын демилгечилери — саксон феодалдары м-н христиан дин кызматкерлери 983 ж-а 1002-жылдардагы славян көтөрүлүштөрүндө жоготкон Эльба (Лаба) дынын аркы ойүзүндөгү славян жерлерин кайра ээлөөнү көздөгөн. Бодричтердин жерлерин ээлөөгө аракеттенген саксон герцогу Генрих Левдин аскерлери (рыцарлары) князь Никлот баштаган бодричтерден катуу каршылык көрүп, ээлешүүгө аргасыз болгон. Лютич м-н поморлорго каршы аттанган Альбрехт Медведь жетектеген башка феод. аскерлер да ийгиликке жеткен эмес. Бирок 12-кдын 50—60-ж. герман феодалдары күч топтоп, лютич ж-а бодрич жерлерин басып алган.

Ад.: Грацианский Н., Крестовый поход 1147 г. против славян и его результаты, «Вопросы истории», 1946, № 2—3.

СЛАВЯНОФИЛДЕР—19-к-дын 40—50-жылдарындагы орустун коомдук ж-а филос. ой-пикир багытынын өкүлдөрү. С. батыш европанын өнүгүү жолун кубаттагандар м-н талашып-тартышкан. Алардын дүйнө көз карашына рев-яга терс мамиле, монархизм ж-а диний-филос. концепциялар мүнөздүү. С-дин көбү келип чыгышы ж-а социалдык абалы б-ча орто помещиктер болгон. С-дин көз карашын иштеп чыгууда адабиятчылар, тарыхчылар, тилчилер, акындар, окумуштуулар (А. С. Хомяков, И. В. Киреевский, К. С. Аксаков, В. И. Даль, Ф. И. Буслаев, М. А. Максимович) башкы роль ойногон. «Русская беседа», «Молва», «Парус» ж. б. газета, журналдарды чыгарышкан.

С. Россиянын Батыш Европадан айырмаланган өз алдынча өнүгүшү ж-дө «теория» чыгарышкан. Негизинен С-дин филос. концепциясы материализмдин идеяларына карама-каршы турган. Алар интеллигенцияны эл м-н жакындашууга, анын турмушун, мад-тын ж-а тилин изилдөөго чакырган. С. эзүүдөгү славян элдеринин улуттук-бошт. кыймылынын коргуктуу коп ыкмаларынe таасир тийгизишкен. Рев-ячыл кырдаал жылдарында (1859—61) С. м-н батышчылдардын ортосунда либерализмдин негизинде бир топ жакындашуу болгон. Реформадан кийинки мезгилде славянофилчилик коомдук ойдун өзгөчө агымы катары жөнүлган. С-дин идеологиясын В. Белинский, А. Герцен, Н. Чернышевский ж. б. сындаган.

Ад.: Белинский В. Г., Русская литература в 1844 году. Полн. собр. соч., т. 8, М., 1955; Чернышевский Н. Г., Очерки гоголевского периода русской литературы, Полн. собр. соч., т. 3, М., 1947; Плеханов Г. В., Соч., т. 23, кн. 1; Галактионов А. А., Никандров П. Ф., Русская философия XI—XIX веков, Л., 1970.

**СЛАВЯНСК — УССРдин Донецк обл-ндагы шаар. Казённый Торец суусунун (Дондун алабы) боюнда. Т. ж. станциясы. Калкы 140 миң (1979). Сода чыгаруучу ири борбор (жерг. таш туз кенин пайдаланат). Арматура-изолятор, курулуш машина, карапа буюмдар э-ддору, карандаш ж-а мебель ф-касы ж. б. ишкана иштейт. Пед. ин-т, Украина сыртан окуу политех. ин-тунун жалпы тех. ф-тети, 4 техникум, граждан авиациянын авиатех. окуу жайы, ГРЭС, курорттор ж-а 2 санаторий бар. 1676-ж. чеп катары негизделген.

СЛАВЯН ТААНУУ, славистика — славяндардын мурдагы ж-а азыркы кездеги тарыхын, ад-тын, тилин, фольклорун, этнографиясын, экономикасын, иск-восун, дининн, материалдык ж-а рухий мад-тынын эстеликтерин изилдөөчү ил. дисциплиналар жыйындысы. «С. т.» термини 18-к-дын 2-жарымында пайда болуп, негизинен филол. илим катары Чехияда калыптанган. Россияда С. т-нун пайда болушуна М. В. *Ломоносовдун* эмгектери негиз түзгөн. 18-к-дын аягында С. т. Польшада негизделген (Я. Потоцкий). С. т. славян өлкөлөрүндө пайда болгон соц. Батыш Европага (Франция, Италия, Англия, бөтөнчө Германия) да тарай баштаган. 19-кдын 2-жарымында — 20-к-дын башында кыйла өөрчүп, комплекстүү дисциплинадан өз алдынча илимдердин комплексине айланган. 19-к-дын ортосунда К. Маркс м-н Ф. Энгельс тарыхты материалистче түшүнүүгө негиз салган соц С. т. биринчи жолу ырааттуу ил. методологиялык негиз алган. Маркстик С. т-нун калыптанышында В. И. Ленициин тарыхый изилдөөнүн маркстик теориясын ж-а методологиясын андан ары өнүктүрүшү чечүүчү роль ойногон.

СССРде экинчи дүйн. согуштан (1939—45) кийин, башка соц. өлкөлөрдө коомдук илимдерде марксткилениндик методологиянын салтанаттаташы С. т-нун негизги проблемаларын кеңейтүүгө ж-а аларга жаңыча мамиле жасоого мүмкүнчүлүк берген. Советтик С. т-да экинчи дүйн. согуштан мурда филол. изилдөөлөр басымдуу роль ойногон. Экинчи дүйн. согуштун алдында ж-а анын убагында С. т-нун андан ары калыптанышында чоң бурулуш жасалган: СССР ИАнын Тарых ин-тунда, МГУда, ЛГУда тарыхый славистикалык борбордор түзүлгөн. 1946—47-ж. славистикалык борб. комплекстүү мекемелер, Киев, Ленинград, Москва ж. б. чоң шаарлардагы ун-ттерде кафедралар ж-а топтор уюштурулган. 1956-ж. слависттердин сов. комитети түзүлгөн.

Дүйн. эки согуштун аралыгында чех слависттери чет өлкөлүк славян мамлекеттериндеги С. т-нун кыйла таасирдүү ил. күчү болгон. С. т. бул мезгилде Польшада, Болгарияда да улантылган. Венгриядагы, Румыниядагы, ГДРдеги С. т. СССРдеги ж-а чет өлкөлүк славян мамлекеттериндеги С. т. м-н тыгыз байланышта өнүгүп жатат. Париждеги славян таануу институту капит. өлкөлөрдөгү славистика б-ча кыйла маанилүү борбор болгон. Экинчи дүйн. согуштан (1939—45) кийин Батыш Европадагы ж-а АКШдагы С. т. кафедралары м-н ин-ттарынын саны көбөйдү. С. т. Индияда, Ж. Чыгышта ж-а Австралияда да өнүгүүдө. С. т-нун өөрчүшүндө славистикалык эл аралык съезддердин (7 съезд өткөн) маанини чоң. С. т-нун эң ири борборлору Австрия, Улуу Британия, ГДР, Италия, ПЭР, Югосл-я, Румыния, СССР, АКШ, Франция, ЧССР, ГФРде.

Ад.: Ягич В. И., История славянской филологии, СПБ, 1910; Очерки истории исторической науки в СССР, т. 1—4, М., 1955—66; Советское славяноведение. Обзор литературы, М., 1963.

СЛАВЯН ТИЛДЕРИ — көбүнчө Европа м-н Азиянын аймагында жашаган *славяндардын* тили. 300 млн-дон ашык киши сүйлөйт. Үч топко бөлүнөт: тыгыш славян (орус, украин, белорус тилдери), түш. славян (болгар, серб-хорват, македон, словен тилдери), батыш славян (чех, словак, поляк ж. б.). С. т. инди-европа тил уясына кирет. Алардын инди-европа тилдери м-н жакындыгы создук составдан, морфемалардан, сүйлөм курулушунан даана байкалат. Көэ бир доорлордо С. т. иран, герман тилдери м-н, кыйла даражада угор-финн ж-а түрк тилдери м-н байланышта өнүккөн. Инди-европа тил бирмдигин жоюлган соң славяндар уруулук бир тилде сүйлөгөн өзүнчө этностук бирдик катары жашаган. Славяндардын бул мезгилдеги тили илимде жалпы славян же праславян тили деген наам м-н белгилүү. Жалпы славян тилинин тарыхы көэ бир С. т-нин тарыхына салыштырганда кыйла эле узак болгон: миңдеген жылдар бою, б. а. уруулук коом мезгилинде жалпы славян тили славяндардын бирдиктүү тили болгон, ал эми анын диалектилик өзгөчөлүктөрү кийинки миң жылдыкта (б. з. ч. 1-миң жылдыктын аягы — б. з. 1-миң жылдыгынын башы) гана пайда боло баштаган. Уруучулук түзүлүш кыйрап, феод. мамилелердин өөрчүшү өз-өзүнчө өнүккөн С. т-нин калыптанышына алып келген. С. т-н аден адабий жактан иштеп чыгуу маселеси 19-к-дын орто ченинде ишке ашкан. С. т-нин жазуусу 863-ж. түзүлгөн (к. *Глаголица, Кириллица).*

Ад.: Ильинский Г. А., Праславянская грамматика, Нежин, 1916; Селищев А. М., Славянское языкознание, т. 1 — Западнославянские языки, М., 1941; Мейе А., Общеславянский язык, пер. с франц., М., 1951; Бернштейн С. Б., Очерк сравнительной грамматики славянских языков. Введение. Фонетика, М., 1961; его же, Очерк сравнительной грамматики славянских языков. Чередования. Именные основы, М., 1974.

СЛАНЕЦ ӨНӨР ЖАЙЫ — отун ө. ж-ның *күйүүчү сланец* казып алуучу ж-а иштетүүчү тармагы. С. ө. ж. 19-к-да Улуу Британияда өнүгө баштаган. Рев-яга чейинки Россияда күйүүчү сланец биринчи дүйн. согуш (1914—18) мезгилинде Петроград ө. ж. р-нун камсыздоо үчүн Эстонияда казып алынган. В. И. Ленициин демилгеси м-н 1918-ж. июлда РСФСР ЭКСи күйүүчү сланец казып алуу ж-а кайра иштетүү ж-дө токтом кабыл алган. Сланец өндүрүү б-ча СССР дүйнөдө 1-орунда (1975). Балтика бою ж-а Волга алабында сланец арбын. Күйүүчү сланец көбүнчө Эстония, Ленинград ж-а Кашпир аймагындагы кендерден алынат.

СССРде сланец өндүрүү, миң т

1940	1950	1960	1970	1974
2 628	4 716	14 147	24 319	33 266

1974-ж. 10 шахта ж-а 4 разрез (кесилиш) пайдаланууда болгон. Эң ири шахталарда өндүрүлгөн сланецти илгоочу ф-калар курулган. «Эстонсланец» өндүрүш бирикмесиндеги өлкөдөгү өндүрүлгөн күйүүчү сланецтин 80%-ин берет. Эң ири шахталарга «Эстонсланец» өндүрүш бирикмесиндеги кубаттуулугу 5 млн *т* «Эстония» ж-а «Ленинградсланец» өндүрүш бирикмесиндеги кубаттуулугу 3,7 млн *т* «Ленинград» шахтасы кирет. С. ө. ж. өндүрүштү топтоштуруунун жог. деңгээли м-н мүнөздөлөт. Сланец энергетикалык ж-а технол. максатта колдонулат. Эстон ССРиндеги бардык электр станция, Ленинград обл-нын Сланцы ж-а Куйбышев обл-нын Сызрань ш-ндагы ТЭЦтер күйүүчү сланец м-н иштейт. Күйүүчү сланец, өзгөчө эстониялык сланец — ар кандай баалуу хим. продукция алынуучу эң арзан сырьё. Эстон ССРиндеги, Ленинград, Куйбышев обл-тарындагы сланец ылгоо комбинаттарында отун майы, тирчилик газы, бензин, күкүрт, боёк ж. б. өндүрүлөт. Сланецтен бир жылда 1 млрд $м^3$ тирчилик газы алынат. Күйүүчү сланецтин $^2/_3$ болугу күйбөгөн минерал заттардан турат. Алардан курулуш материалдары жасалат. Сланецтин күлү а. ч-да колдонулат.

Күйүүчү сланец КЭРде да өндүрүлөт. Кендери Болгария, Куба, Румыния, Чехосл-я, Югосл-я, Австрия, Бразилия, Улуу Британия, Египет, Испания, Канада, Марокко, АКШ, ГДР ж-а Швецияда бар.

СЛАНЕЦТЕР — составындагы минералдар узун, жука кацылытырчаларга жиктелген метаморфизмделген тоо тек. С. метаморфизмделүү даражасына карай начар метаморфизмделген — чоң С-и ж-а өтө метаморфизмделген — кристаллдуу С. болуп бөлүнөт. Чоң С-и негизинен чоң минералдарынан, гидрослюдалардан же монтмориллониттен турат. Кристаллдуу С. составында кезигүүчү минералдарга карай слюдалуу, амфиболдуу, талаа шпаттуу, кварцтуу болуп ажыратылат. С. составында талаа шпаты м-н кварц басымдуулук кылса гнейске, амфиболдор көп кезиксе амфиболитке өтөт. Чоң С-ннин составында орг. заттар көп кезиксе, күйүүчү сланецтер деп аталып, отун катары пайдаланылат. Кристаллдуу С. курулушка кеңири колдонулат.

СЛОВАКИЯ, Словак Социалистик Республикасы — Чехосл-янын составына өз ыктыяры м-н бириккен, тең укуктуу соц. респ-ка. Аянты 49,4 миң $км^2$. Калкы 4915 миң (1979). Анын 85,5% словактар, 12% венгрлер, 1%-тен ашыгы чехтер, 1%-тен ашыгы украиндер. Борбору — Братислава ш. Шаарлары: Братислава, Кошице, Прешов, Жилина, Банска-Бистрица. Админ. жактан 3 облastка (Батыш, Орто ж-а Чыг. С.) бөлүнөт. Табиятын, экономикасын к. *Чехословакия* макаласынан.

С-да эл ортоңку палеолиттен эле жашай баштаган. С-га б. з. ч. 5-к-да фракийлер, 3-к-да кельттер келген. Б. з. 1-к-ныи ортосунда славяндар басымдуулук кылган. 7-к-да Само мамлекетине, 9—10-к-да *Улуу Моравия* державасына караган. 11-к-дан 1526-жылга чейин Венгрияга, 16-к-дан 1867-жылга чейин Австрия-Венгрияга баш ийген. 1918-ж. Чехосл-я мамлекетине кошулган. 1919-ж. 16-июнда Словак Сов. Респ-касы жарыяланган. Бирок аны 7-июлда интервенттер талкалаган. 1921-ж. *Чехословакия коммунисттик партиясы* (ЧКП) түзүлүп, чех ж-а словак жумушчуларынын рев-ячыл күрөшүн башкарган. Словак улуттук советинин демилгеси м-н 1944-ж. словак улуттук көтөрүлүшү чыгып, улуттук демокр. рев-я башталган. 1945-ж. С-ны Сов. Армия фашисттерден толук бошоткон.

С.— ЧССРдин составындагы тең укуктуу соц. респ-ка.

Ад.: История Чехословакии, т. 1—3, М., 1956—60.

СЛОВАК СОВЕТТИК РЕСПУБЛИКАСЫ (1919) — Словакиядагы пролетариат диктатурасынын мамлекети. Россиядагы Окт. рев-ясынын (1917) таасири м-н 1919-ж. мартта Венгр Сов. Респ-касы түзүлгөн соң 1919-ж. 16-июнда Венгр Кызыл Армиясы бошоткон Словакия аймагындагы Прешовдо жарыяланган. 20-июнда Кошица ш-нда С. С. Р-ныи рев-ячыл өкмөтүнүн совети түзүлгөн. Совет мааниси-лүү ө. ж. ж-а соода ишканаларын, банктарды, транспортту, о. эле 50 *га*-дан ашык помещик ж-а чиркөө жерлерин мамлекеттештирип, 8 сааттык жумуш күнүн белгилеген. Бирок 7-июлда Венгр Кызыл Армиясынын чегинишинен улам чет өлкөлүк интервенцияга таянган Чехосл-я бурж. өкмөтүнүн чабуулунан респ-ка кулатылган.

СЛОВАКТАР — улут, чехтер м-н бирдикте ЧССРдин негизги калкы. ЧССРде 4,8 млн (анын 3,9 млн-чосу Словакияда). 1,65 млн-дой С. чет өлкөлөрдө (Венгрия, Югосл-я, Румыния, Канада, АКШда ж. б.) жашайт (1975). Словак тилинде сүйлөйт. Динге ишенгендерини — негизинен католиктер (75%), протестанттар да бар. Арх-ялык маалыматтар б-ча словак уруулары азыркы Словакия аймагында б. з. 4—5-к-нда пайда болгон. Этностук жактан чехтер м-н тектеш. 10-к-да словак эли, 19-к-да словак улуту калыптанган. Чехосл-яда элдик демокр. түзүлүш орногон соң С. социалисттик курулушта зор ийгиликтерге жетишти. С-дын экономикасы, тарыхы ж-а мад-ты ж-дө к. *Словакия, Чехословакия.*

СЛОВАК ТИЛИ — негизинен ЧССРде жашаган *словактардын* тили. *Славян тилдеринин* батыш тобуна кирет. Үч диалектиси бар: батыш словак, орто словак, чыгыш словак. Түзүлүшү жагынан көбүнчө чех тилине, аздап түш. славян тилдерине жакын. Жазмасы латын графикасынын негизинде түзүлгөн. 15—16-к-дагы жазма эстеликтери белгилүү. Азыркы адабий тилине 19-к-дын 40-жылдары негиз салынган.

Ад.: Селищев А. М., Славянское языкознание, т. 1, М., 1941.

СЛОВЕНДЕР (хорутандар, карантандар, виндлер)—Югосл-ядагы улут. Жалпы саны 2,2 млн (1975). 1,6 млн-у Словен Соц. Респ-касында, 400 миңдейи чет өлкөлөрдө жашайт. *Словен тилинде* сүйлөйт. Динге ишенгендеринин көбү — католиктер, о. эле протестанттар, православныйлар да бар. Азыркы С-дин ата-бабалары 6—7-к-да Ортоңку Дунай, Паннония, Чыгыш Альп, Приморье бассейндеринде кеңири аймакты мекендеген. Кийин С-дин жери немец, венгр эзүүчүлөрүнүн бийлигинде болуп, 13-к-дын аягында австриялык габсбургдарга өткөн. 1918-ж. С-дин көбү бирдиктүү мамлекетке (1929-жылдан Югосл-я аталган) кирген. Югосл-яда элдик демокр. түзүлүштүн орношу м-н (1945) С. соц. экономикасын, улуттук мад-тын өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк алды.

СЛОВЕНИЯ, Словен Социалисттик Республикасы — Югосл-янын составына өз ыктыяры м-н бириккен, тең укуктуу соц. респ-ка. Батышынан Италия, түндүгүнөн Австрия м-н чектешет. Аянты 20,2 миң $км^2$. Калкы 1,7 млн (1976). Официалдуу тили — словен тили. Шаар калкы 80%. Борбору — Любляна ш. (калкы 190 миң, шаар айланасы м-н, 1973). Табиятын, экономикасын, к. *Югославия* макаласынан.



В. Я. Слюсарев.



П. Т. Слюсаренко.

С. аймагында эзелтеден эле кельт-иллирий уруулары жашаган. Б. з. ч. 1-к-да С. Римге караган. 6—7-к-да С-га славяндар келип отурукташып, 7-к-да Карантания деген алгачкы феод. мамлекет түзүлгөн. 745-ж. ал бавар, 788-жылдан франк герцогдуктарына, 12—14-к-да Австрияга караган. 15—16-к-да дыйкандар көтөрүлүшү (1478, 1515, 1573), 16-к-да *реформация* кыймылы кеңири кулач жайган. Австрия-Италия согушунан (1866) соң С-ның кыйла жери Италияга өтүп, габсбургдар бийлигиндеги бөлүгү Австрия-Венгриянын (1867-ж. түзүлгөн) составына кирген. 1896-ж. Түш. славяндар с.-д. партиясы негизделип, 1905—07-ж. жумушчулардын ири кыр көрсөтүүлөрү болгон. Биринчи дүйн. согуш убагында улуттук-бошт. кыймыл кулач жайган. Австрия-Венгрия кулаган соң С-ның көп бөлүгү 1918-ж. түзүлгөн сербдер, хорваттар ж-а словендер королдугуна (1929-жылдан Югосл-я) кирген, калганы Австрия м-н Италияга караган. Югосл-яны фаш. Германия ж-а союздаштары басып алган соң (1941, апр.) С. аймагы Германия м-н Италия ортосунда бөлүнгөн. С. жерин фаш. баскынчылардан Югосл-я элдик бошт. армиясы 1945-ж. майда бошоткон.

Любляндагы радио ж-а телекөрсөтүү имараты.

Югосл-я Элдик Федерация Респ-касы жарыяланган (1945, 29-ноябрь) соң С. аның составына кирген. 1918-жылдан Италиянын бийлигинде болгон С. жеринин көп бөлүгү 1947-ж. Югосл-яга кайтарылган. С. — Югосл-я Соц. Федерация Респ-касынын составындагы чоң респ-ка.

Лит.: История Югославии, т. 1—2, М., 1963; Бодрин В. В., Авдеичев Л. А., Югославия. Экономико-географическая характеристика, М., 1970.

СЛОВЕН ТИЛИ — *словендердин* тили, ЮСФРдин офиц. тилдеринин бири. *Славян тилдеринин* түш. тобуна кирет. С. т-нде сүйлөгөндөр 2 млн-го жакын (1,6 млн-чусу Словенияда; 1971). Австрия, Италия ж-а Венгриянын ЮСФРге чектеш аймактарына да тараган. Диалектилери 7 топко бөлүнөт. Байыркы жазма эстелиги — Брижин үзүндүлөрү (10-к-дын аягы—11-к-дын башы). Адабий тили 19-к-дын акырында калыптанып бүткөн. Адабий тили м-н оозеки тилинин ортосунда фонет. ж-а лексикалык маанилүү айырмачылыктар бар. Жалпы словен оозеки тилинин нормалары 20-к-дын 2-жарымында түзүлгөн. Жазмасы латын графикасынын негизинде.

Лит.: Флоринский Т. Д., Лекции по славянскому языкознанию, ч. 1, К., 1895.

СЛЮДАЛАР — алюмосиликаттарга кирүүчү минералдардын тобу. Жалпы хим. формуласы $R_1R_{2-3}[AlSi_3O_{10}](OH,F)_2$, мында R_1 = K, Na; R_2 = Al, Mg, Fe, Li. Составына ж-а структурасына карай төмөнкүчө болүнөт. 1) Магний-темирлүү С.: флогопит $KMg_3[AlSi_3O_{10}](OH,F)_2$; биотит $K(Mg,Fe)_3[AlSi_3O_{10}](OH,F)_2$; лепидомелан $KFe_3[AlSi_3O_{10}](OH,F)_2$; 2) алюминийлүү С.: мусковит $KAl_2[AlSi_3O_{10}](OH)_2$; парагонит $NaAl_2[AlSi_3O_{10}](OH)_2$; 3) литийлүү С.: цинвальдит $KLiFeAl[AlSi_3O_{10}](OH,F)_2$; лепидолит $KLi_{2-x}Al_{1+x}[Al_{2x}Si_{4-2x}O_{10}](OH,F)_2$. Моноклин системасында кристаллдашат. Мусковит м-н флогопиттин оңү түссүз, тунук. Калгандарыныкы составындагы Mn^{2+}, Cr^{2+}, F^{2+} ж. б. элементтердин катнашына карай күрөң, боз күңүрт, көк, кызгылтым. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 2,5—3; салышт. салм.: мусковиттики — 2,7, флогопиттики — 2,2, биотиттики — 3,3. С. жердин үстүңкү бетинде оңой үбөлөнүп, гидрослюдага, андан каолинге же хлоритке өтөт. С.— ар түрдүү интрузия метаморфизм ж-а чөкмө тоо тектерди түзүүчү, жаратылышта эң көп таралган минералдардын бири. С-дын о. ж. маанисиндеги кендери слюда пегматити тибиндеги кендерде талаа шпаты, кварц, турмалин м-н бирге кезигет. Литийлүү пегматитте лепидолиттин, контакт-метасоматоз процессинен флогопиттин кендери пайда болот. Электр техникада, радио техникада кеңири пайдаланылат. Үн ж-а жылуулук өткөрбөөчү материал катары да колдонулат. Ири кендери СССРде Иркут ж-а Мурма обл-тарында, Уралда, Байкал боюнда, Якутияда бар.

Лит.: Быховер Н. А., Экономика минерального сырья, М., 1969; Волков К. И., Загибалов П. Н., Моцик М. С., Свойства, добыча и переработка слюды, [Иркутск], 1971.

СЛЮСАРЕВ Василий Яковлевич (3. 3. 1912-ж. т., Кыргыз ССРи, Фрунзе ш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1944-жылдан КПСС мүчөсү. 1937-жылдан М. В. Фрунзе атн. а. ч. машиналарын куруу з-дунда слесарь, слесарлар бригадири. Ал башкарган бригада жылдык планды 130—135%ке аткарып, мыкты нийгиликке жетишкен. Ленин ордени, Октябрь Революциясы ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

СЛЮСАРЕНКО Захар Карпович [3(16). 9. 1907-ж. т., Харьков обл., Змиёв ш.] — эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1944, 1945), танк аскерлеринин генерал-лейтенанты (1963). 1929-жылдан КПСС мүчөсү. Орёл бронду танк мектебин (1934), К. Е. Ворошилов атн. Жог. аскер академиясынын Жог. академиялык курсун бүткөн (1957). Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) Түш.-Батыш, Брянск ж. б. фронттордо салгылашып, танк батальонунун командирлеринен гвард. танк бригадасын командирине чейин жеткен. Согуштан кийин командирлик кызматтарда. 1960-жылдан аскерлер тобунун командачысына күжүрмөн даярдык б-ча орун басар. 1965-жылдан отставкада. Эки Ленин ордени, Кызыл Туу, 2-дараж. Суворов, 2-дараж. Ата Мекендик Согуш, Кызыл Жылдыз ордендери ж-а медалдар, о. эле соц. өлкөлөрдүн 2 ордени м-н сыйланган.

СЛЮСАРЕНКО Пётр Трофимович (10. 7. 1928-ж., Ош обл., Араван р-ну, Ачы кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1971). 1961-жылдан КПСС мүчөсү. 1954-жылдан Жалал-Абад а. ч. курулуш башкармасынын көчмө механикалаштырылган колоннасында слесарь, арматурачылар ж-а комплекстүү бригадаын бригадири болуп иштейт. 8-беш жылдыктын план тапшырмаларын 120—130% аткарган. Кырг-и КПнын 16-съездинин делегаты. Ленин ордени, «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

СМЕЛЯКОВ Ярослав Васильевич [26. 12. 1912 (8. 1. 1913), Луцк ш.— 27. 11. 1972, Москва] — орус совет акыны. Жумушчу үй-бүлөсүнөн. Фабрика-завод (ФЗУ) мектебин бүткөн. Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. Чыг-ларын 1931-жылдан жарыялана баштаган. 1932-ж. «Эмгек жана сүйүү», «Ырлар» деген ыр жыйнактары жарыкка чыккан. Бул жыйнактарында жаңырган жер, эркиндүү эмгек даңазаланат. Согуштан кийин 20-жылдардагы жаштар ж-дөгү «Кремль карагайлары» (1948), «Тандалган ырлар» (1957) аттуу китептери жарык көргөн. Ал китептери С-дун ырды жөнөкөй ж-а түшүнүктүү жазып, турмушту социалдык-саясий жактан аңдап чыгууга, монументтүү сүрөттөөгө умтулганын айгинелейт. Аның бул аракетинин натыйжасы кийинки жыйнактарынан кыйла айкын көрүнөт: «Башкы маселе жөнүндө сөз» (1959), «Россия күнү» (1967; СССР мамл. сыйл., 1967), «Декабрь» (1970), «Жаш адамдар» (1968, Ленин комсомолу сыйл., 1968) ж. б. Үч орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Избр. произв., т. 1—2, М., 1970; Моё поколение. Книга стихотворений, М., 1973; Служба времени, М., 1975.

Лит.: Дементьев В., Ярослав Смеляков. Сильный, как терн, М., 1967; Рассадин Ст., Ярослав Смеляков, М., 1971.

«СМЕНА» — ВЛКСМ БКнын адабий-көркөм ж-а коомдук-саясий журналы. Москвада айына эки жолу чыгат. 1924-ж. негизделген. Сов. ж-а чет эл жаштарының турмушун чагылдырат. Жарыяланган чыг-лар түрдүү иллюстрация м-н коштолот. Журнал жаш ад-тчылар м-н иштөөгө көп көңүл бурат. «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган (1974). Тиражы 1200 миң (1978).

СМЕРДДЕР — байыркы Рустагы ж-а бир катар славян өлкөлөрүндөгү феодалга көз каранды дыйкандар. 11—16-к-дагы маалыматтарда эскерилген. Көэ бир сов. тарыхчылардын пикири б-ча (Б. Д. Греков, И. И. Смирнов) алгачкы С.— мамлекетке көз каранды эркин жамаатчылар; феод. мамилелердин өнүгүшү м-н С-дин бир бөлүгү феодалга көз каранды болуп калган. С-ди өлтүргөндөр холопту өлтүргөндөй эле штраф төлөө м-н жазаланган. Новгород, Псков С-и 14—15-к-да жерге коллективдүү (жамаатташ) же өз алдынча ээ болуп, өз эмчисин эркин эле бөлүп кетүүгө укуктуу болушкан. Бирок керт баштарының эркиндиги чектелип, башка жакка кете алышкан эмес.

Лит.: Греков Б. Д., Киевская Русь, [М.], 1953; Смирнов И. И., Очерки социально-экономических отношений Руси XII—XIII вв., М.—Л., 1963; Зимин А. А., Холопы на Руси, М., 1973.

СМЕТА, 1) бюджет мекемесинин С-сы — мекеме ж-а ишкана чыгымын мамл. бюджеттен финансылоочу негизги план документи; 2) өндүрүш чыгым С-сы — СССРде ишкананын, бирикменин же эл чарбасынын бир тармагынын бардык продукцияны өндүрүүдөгү, кызмат кылуудагы план чыгымынын суммасын эсептөө; 3) курулуш С-сы — ишканалы, курулуштун ж-а имараттары курууну *смета наркын* аныктоочу норма эсебинин жыйындысы.

СМЕТА БААСЫ — курулуштун смета наркын эсептөө үчүн колдонулуучу баа. СССРде С. б. системасы курулуш жумушунун бирдей райондук жеке бааланышын, жабдуу коюу баа көрсөткүчүн, өстөк чыгым ж-а пландуу жыйым нормасын камтыйт. Курулуш ж-а жабдуу орнотуу иши жумуш бирдигинин сметадагы *калькуляциясына* ылайык бааланып, баа көрсөткүч түзүлөт. Өстөк чыгым нормасы айрым курулуш уюму б-ча аныкталат. ал эми пландуу жыйым нормасы бардык курулуш ишканасы үчүн бирдей болот да, тике ж-а өстөк чыгым суммасынын 6%ин эселейт. С. б. белгилүү убакытка чейин өзгөрүлбөйт. Баадагы күндөлүк өзгөрүш курулуш уюмдарынын финансы пландарында эсепке алынат.

СМЕТАНА Бедржих (2. 3. 1824, Литомишль — 12. 5. 1884, Прага) — чех композитору, дирижёр, пианист, муз.-коомдук ишмер. Чех классикалык музыкасын негиздөөчү. Муз. билими Прагада алган. 1847-жылдан пианист катары концерт берген. 1847—56-ж. Прагада өзү уюштурган муз. мектепке жетекчи. 1856—61-ж. Гётеборгдо (Швеция) жашап, дирижёр ж-а пианист кызматын аткарган. 1863-жылдан «Глагол Пражский» атуу эркектер хорун жетектеп, 1866—74-ж. «Убактылуу театрда» опера дирижёру болгон. 1874-ж. угуу жөндөмүнөн ажырагандан кийин Йбкеницке кыш-и мекендеп, композиторлук чыгылыгын өнүктүргөн. Ал улуттук колоритте, реалисттик багытта жазылган 9 опера («Бранденбургдуктар Чехияда», 1863; «Сатылган колукту», 1866; «Далибор», 1868; «Жашырын сыр», 1878 ж. б.), симфониялардын, фортепиано пьесаларынын, вокалдык чыгылардын автору. Прагадагы концерт залы, кыл аспаптар квартети, муз. коом С-ның ысмында. Прагада С. музейи бар (1928).



Б. Сметана.



В. И. Смирнов.

Лит.: Мартынов И., Бедржих Сметана, М., 1963; Бэлза И., История чешской музыкальной культуры, т. 2, М., 1973, гл. 3.

СМЕТА НАРКЫ — ишкана, имарат ж. б-ларды куруу, кеңейтүү ж-а реконструкциялоо үчүн долбоор негизинде бекитилип, смета б-ча эсептелинген чыгымдалуучу каражат. Курулуш-монтаж жумуштарынын С. н. пакта чыгым, өстөк чыгым ж-а пландуу жыйымдан турат. С. н. капитал салымдарды, курулуш-монтаж жумуштарын пландоодо, курулуш уюмдарында чарб. эсепти жүргүзүүдө, курулушту финансылоодо көңүри колдонулат. С. н. курулуш өндүрүшүндө өлкөбүздүн райондорундагы өзгөчөлүктөргө жараша түзүлүп, бекитилген сметалык норманын ж-а баанын негизинде эсептелет.

СМИРНОВ Алексей Семёнович [25. 1(7. 2). 1917-ж. т., азыркы Калинин обл., Рамешки р-ну, Пальцево кыш.] — эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1943, 1945), полковник (1952). 1941-жылдан КПСС мүчөсү. Учкучтардын аскер-авиация мектебин (1938) ж-а Липецкидеги Жог. офицердик учуу-тактикидеги Жог. офицердик учуу-тактикалык курсун (1947) бүткөн. Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) авиа командиринен гвард. авиация полкунун эскадрилья командирлигине чейин жеткен. Ленинград, Волхов, Воронеж, Түн.-Батыш, Калинин, 1-, 2-Прибалтика, 3-Белорус фронтторунда 457 согуштук учуш жасап, душмандын 34 самолётун атып түшүргөн. Согуштан кийин ААКта иштеп, 1954-жылдан саламаттыгына байланыштуу запаста. Эки Ленин ордени, 5 Кызыл Туу, 1-дараж. Ата Мекендик Согуш, Александр Невский, Кызыл Жылдыз ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. Рамешки районунун борборунда С-дун бюсту тургузулган.

СМИРНОВ Владимир Иванович [29. 5(10. 6). 1887, Петербург — 11. 2. 1974, Ленинград] — сов. математик, СССР ИАнын акад. (1943; корр. мүчө, 1932), Соц. Эмг. Баатыры (1967). Петербург ун-тин (1910) бүтүргөн, ал ун-тте 1915-жылдан проф. 1929—35-ж. СССР ИАнын Сейсм ж-а Матем. ин-ттарында иштеген. Аның негизги эмгектери комплекстүү өзгөрмө функциялар теориясына арналган: көп маанилүү аналит. функцияны унификациялоого, фукс группасын ж-а фукс функцияларын изилдөөгө, түздөлүүчү түюк контурдагы ортогоналдуу көп мүчөнүн толук системасын изилдөөгө, о. эле аналит. функциялардын предел маанилери м-н байланышкан маселелерди чыгарууга арналган. «Курс высшей математики» китебинин автору (т. 1—5, 1924—47); СССР мамл. сыйл. (1948) лауреаты. Ленин ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Лит.: Владимир Иванович Смирнов, М.—Л., 1949 (Материалы к биобиблиографии учёных СССР. Серия математики, в. 5).

СМИРНОВ Владимир Иванович [18 (31). 1. 1910-ж. т., Москва] — сов. геолог, СССР ИАнын акад. (1962; корр. мүчө, 1958), Социалисттик Эмгектин Баатыры (1980). Кыргыз ССРинин илимге эмг. сиң. ишмери (1970). 1940-жылдан КПСС мүчөсү. Москва геол. чалгындоо ин-тун бүтүп (1934), ошол эле ин-тта иштөө м-н Тажик-Памир экспедициясынын да кызматкери болгон (1934—37). 1941—49-ж. Кырг-ндагы Хайдаркен (Айдаркен) сымап комбинатында башкы геолог, 1946—49-ж. Кен байлыктардын запасы б-ча бүткүл союздук комиссиянын пред-ли, 1946—51-ж. СССР геология министрине орун басар, 1949—52-ж. Москва түстүү металл ж-а алтын институтун проф., 1951-жылдан МГУда (1952-жылдан кен байлыктар кафедрасынын башчысы) иштейт.

Негизги ил. эмгектери руда кендеринин геологиясын изилдөөгө байланышкан. С. жердин терең катмарындагы кен байлыктардын пайда болуу ж-а өлчөмүн баалоо теориясынын негизин иштеп чыккан; руда кендеринин СССРдин аймагында пайда болуу ж-а жайгашуу аймактык закон ченемин аныктаган; сымап м-н сурьманын, коргошун м-н цинктин, урандын металлогениясынын проблемаларын иштеп чыккан; Дүйн. океан түбүнүн металлогениялык өзгөчөлүгүн мүнөздөгөн; кендердин жалпы генезистик классификациясын сунуш кылган. С. 1964-жылдан СССР ИАнын руда пайда болуу б-ча Ил. советинин пред-ли, 1968-жылдан «Геология



М. Я. Смирнов.



А. Смит.

рудных месторождений» журналынын башкы редактору, СССР ИАнын геол., геофизика ж-а геохим. болүмүнүн акад.-секретары ж-а Президиумунун мүчөсү (1969—75). Руда кендеринин генезиси б-ча эл аралык ассоциациясы (1964-жылдан) ж-а Геол. илимдердин эл аралык союзунун (1968-жылдан) вице-президенти. Кырг-ндын ил. улут кадрларын ж-а жог. квалификациялуу адистерин даярдоодо зор салым кошкон. Лениндик сыйл. лауреаты (1972). Эки Ленин ордени, Октябрь Революциясы, Эмгек Кызыл Туу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

Эмг.: Геология ртутных месторождений Средней Азии, М., 1947; Геологические основы поисков и разведок рудных месторождений, 2 изд., М., 1957; Очерки металлогении, М., 1963; Геология полезных ископаемых, 2 изд., М., 1969.

Об.: Владимир Иванович Смирнов, М., 1966 (Материалы к биобиблиографии учёных СССР. Серия геологических наук, в. 21); Владимир Иванович Смирнов (К 60-летию со дня рождения), «Вестн. МГУ. Серия Геология», 1970, № 1.

СМИРНОВ Лев Николаевич [8(21).6. 1911-ж. т., Петербург] — сов. юрист, мамл. ж-а коомдук ишмер, СССР Жог. сотунун пред-ли (1972-жылдан). 1945-жылдан КПСС мүчөсү. 1934—57-ж. прокуратура органдарында иштеген. 1945—46-ж. Нюрнберг процессинде СССРдин башкы айыптоочусунун жардамчысы. 1946—48-ж. Токио процессинде СССРдин айыптоочусунун орун басары. 1957—62-ж. СССР Жог. сотунун пред-линин орун басары. 1962—72-ж. РСФСР Жог. сотунун пред-ли. 1964-жылдан Сов. юристтер ассоциациясынын президенти. Юрист-демократтардын эл аралык ассоциация советинин мүчөсү. СССР Жог. Советинин (8—10-шайл.) депутаты, КПССтин 23—25-съезддеринин делегаты. Ленин ордени, Октябрь Революциясы, Эмгек Кызыл Туу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

СМИРНОВ Михаил Яковлевич (30. 11. 1917, Ысык-Көл обл., Ысык-Көл р-ну, Долинка кыш.— 30. 7. 1978, ошол эле жер) — Соц. Эмг. Баатыры (1957). 1943-жылдан КПСС мүчөсү. Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. 1947—49-ж. Ысык-Көл р-нунун «Новый путь» к-зунда колхозчу. 1949—51-ж. ошол колхоздо башкарманын предли. 1954-ж. Фрунзедеги а. ч. техникумун бүткөн. 1954—77-ж. «Новый путь» к-зунда башкарманын пред-ли. Ал башкарган колхоз 1956-ж. мамл. планды эт б-ча 171,4%, сүттү 180,4%, жумурткаңы 323% аткарган. Кыргыз ССР Жог. Советинин (6-шайл.) депутаты. Ленин ордени, Октябрь Революциясы, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

СМИРНОВ Сергей Сергеевич [4(16). 9. 1895, Иваново-Вознесенск, азыркы Иванов ш.— 20. 8. 1947, Ленинград]— сов. геолог-минералог, СССР ИАнын акад. (1943; корр. мүчө, 1939). Петроград тоо-кен ин-тун бүткөн (1919). Геол. комитеттин кызматкери (1919—41) болуу м-н бирге 1930-жылдан Ленинград тоо-кен ин-тунда проф. 1945-жылдан СССР ИАнын Геол. илимдер ин-тунун руда болүмүнүн жетекчиси. Негизги ил. эмгектери руда кендеринин минералогиясы ж-а руда пайда болуу проблемаларына арналган. Кен байлыктар ж-дө окуунун металлогениялык жаңы багытын түзгөн. СССР мамл. сыйл. лауреаты (1946). 1945—47-ж. Бүткүл союздук минералогия коомунун пред-ли. Франция минералогия коомунун ардактуу мүчөсү (1947). Үч Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Эмг.: Избр. труды, М., 1955; Рудные месторождения и металлогения восточных районов СССР, М., 1962.

Об.: Григорьев Д. П., Шафрановский И. И., Выдающиеся русские минералоги, М.—Л., 1949.

СМИТ Адам (5. 6. 1723, Шотландия, Керколди — 17. 7. 1790, Эдинбург) — шотланд экономисти ж-а философу, англ. классикалык бурж. саясий экономиянын көрүнүктүү өкүлү. Глазго ж-а Оксфорд ун-ттеринен билим алган. 1751—63-ж. Глазго ун-тинин проф. С. 18-к-дагы ө. ж. буржуазиянын идеологу катары чыккан. К. Маркс аны мануфактура мезгилинин жалпылоочу экономисти, В. И. Ленин алдыңкы буржуазиянын улуу идеологу катары мүнөздөгөн. С. капитализмдин өнүгүшүнө тоскоолдук кылган меркантилисттерди, феод. институттарды ж-а калдыктарды катуу сынга алган. С-тин эмгегинин баалуулугу — аның наркын эмгек теориясынын маанилүү категорияларын иштеп чыккандыгында. Ал биринчи жолу бурж. коомдун тап түзүлүшүн сүрөттөп, аны негизги үч тапка бөлгөн: жалданма жумушчу, капиталист ж-а жер ээси. Жалданма жумушчуну калган экөөнө каршы койгон. *Пайда, процент, рента* жумушчунун эмгек продуктусунан чегерилерин айтууга аргасыз болгон. Жонокой ж-а капит. товар өндүрүшүн ажырата билбестиктен капитализмде кошумча наркты пайда кылуучу механизмди чечмелей алган эмес. Ал наркты пайда болушун ж-а болүнүшүн эки бөлүп караган. Наркты ички мазмуну өзгөрбөстөн түрүн өзгөртүп, баага өтөрүн түшүнгөн эмес. С. товар наркы пайда, эмгек акы, жер рентасына болүнөт деген туура эмес тыянак чыгарган (к. *Смит догмасы*). С-тин экон. окуусу саясий экономиянын өсүшүнө чоң таасир берди. Аның ил. идеялары марксизмдин бир булагы — классикалык бурж. саясий экономиянын негизин түзгөн. С-тин көз караштарынын бурмаланган элементтерине талаптын, буржуазиячыл теориялар түзүлгөн.

Об.: Маркс К., Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 24; Маркс К., Теории прибавочной стоимости (IV том Капитала), ч. 1, гл. 3—4, ч. 2, гл. 13—14.

СМИТ ДОГМАСЫ — А. *Смиттин* капиталды кайталап өндүрүү ж-дөгү теориясы. Бул теория б-ча коомдун жылдык продуктусунун алмашма наркы ж-а баасы кирешеге, эмгек акыга, пайдага ж-а рентага (v + m) болүнөт. А. Смит коомдук продуктунун наркын өзгөрмө капитал м-н кошумча наркка гана болуп, туруктуу капиталды эсепке алган эмес. К. Маркс аның бул жобосун С. д. деп атаган. Смиттин бул каталыгы аның товар өндүрүүчү эмгектин эки жактуулугун (к. *Товар*), абстрактуу эмгек түзгөн жаңы нарк гана кирешеге болүнөрүн билбегендигинен чыккан. Наркты составдык болугу — туруктуу капиталды Смиттин көңүлгө албагандыгы кайталанма өндүрүш процессин туура ил. талдоого тоскоол болгон. Чындыгында, Маркс көрсөткөндөй, коомдук капиталдын наркы туруктуу ж-а өзгөрмө капиталдан, о. эле кошумча нарктан түзүлөт.

СМИТ ЗАКОНУ (1940), «Чет элдиктерди каттоо жөнүндөгү закон» АКШнын конгресси тарабынан 1940-ж. 28-июнда кабыл алынып, аның автору—окуздор палатасынын мүчөсү Г. Смиттин атынан аталган. С. з. өкмөттү күч же зордук м-н кулатуу идеясын колдоону кылмыш катары белгилеген. Аден кабыл алынганда ал АКШдагы фаш. державалардын агентурасына каршы багытталат делгени м-н эжинчи дүйн. согуштан (1939—45) кийин компартиянын мүчөлөрүнө каршы колдонулган. 1948—55-ж. С. з-нун ж-а антидемокр. башка закондорунун негизинде компартия жетекчилерине каршы 18 жолу сот процесси болуп, алардын көбү камакка алынган. 1957-ж. АКШнын Жог. соту С. з-н колдонууну чектеген.

СМИТСОНИТ (англ. химик ж-а минералог Ж. Смитсондун ысымынан) — карбонаттар тобундагы минерал. Хим. составы $ZnCO_3$ (ZnO — 64,9%, CO_2 — 35,1%). Кошунду катары Fe, Mn, Cd, Co, Mg, Pb кездешет. *Тригон системасында* кристалданат. Өңү ак, сарғыч, боз, күрөң ж. б. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 4—4,5; салыштыр. салм. 4,5. Кычкылдануу зонасында пайда болот. С.— цинктин негизги рудасы.

СМОКТУНОВСКИЙ Иннокентий Михайлович (28. 3. 1925-ж. т., Томский обл., Татьяновка кыш.) — орус совет актёру, СССР эл арт. (1974). Красноярск театр студиясында окуган. 1946—57-ж. Норильск, Махачкала, Волгоград, Москвада, 1957—60-ж. Ленинград Чоң драма театрында (мыкты ролу — князь Мышкин, Ф. Достоевский, «Кейбир») ишкеген. 1973-ж. Кичи театрда падыша Фёдордун (А. К. Толстой, «Падыша Фёдор Иоаннович») ролун аткарган. Кинодо 1957-жылдан тартыла баштаган. Аткарган ролдору: Куликов («Бир жылдын тогуз күнү», 1962), Гамлет («Гамлет», 1964), Деточкин («Автомобилден сактан», 1966), Чайковский («Чайковский», 1970) ж. б. С. турмуштагы карама-каршы кырдаалдарды, трагедиялуу ж-а курч комедиялуу абалды сыртқы сыпайылык м-н аткарган. Ал — Лениндик сыйл. (1965), РСФСРдин бир тууган Васильевдер атн.



И. М. Смоктуновский Деточкиндин ролунда. «Автомобилден сактан» фильми. 1966.

мамл. сыйл. (1971) лауреаты. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

СМОЛЕНСК — РСФСРдин Смоленский обл-ныи борбору, шаар. Автомобиль ж-а т. ж. тоому. Днепр д-ндагы пристань. Калкы 276 миң (1979). С. облсттагы ө. ж. дүң продукциясынын 40%ин берет. Машина куруу ж-а жеңил ө. ж. ишканалары: автоматташтыруу каражаты, электр лампа, муздаткыч, эсептегич машина, авиац. з-ддор, полигр. комбинат, байпак-трикотаж ф-касы ж. б. С-де мед., пед. ж-а физ-ра ин-ттары, Москва энергетика ин-тунун, Москва а. ч. академиясынын болүмдөрү, 14 атайын орто окуу жайы, 2 драма театр бар. Край таануу, сүрөт ж-а колдонмо өнөр мүзейлери иштейт. Тарыхый эстеликтер: Петропавловск (1146-ж. курулган), Иоина Богослов (1173—76) ж-а Свирь чиркөөлөрү (1190—94), чеп коргон (1596—1602), Успения собору (1677—79, 1732—40-ж. бүткөн) ж. б. Совет мезгилинде ген. план б-ча (1930-ж., арх. Н. Г. Кондратенко) турак жай комплекстери ж-а коомдук имараттар курулган. С.— орустун байыркы шаарларынын бири, 883-жылдан белгилүү.

СМОЛЕНСКИЙ ДӨҢСӨӨСУ РСФСРдин Смоленский обл-нда. Орша ш-нан Вора ж-а Москва д-ларынын жог. агымдарына чейин созулуп жатат. Бийик. 314 *м*го чейин. Морена-эрозиялык рельеф басымдуу; түн.-батышы добо-жалчалуу. Кумайлуу чымкөк топурактуу. Токой (кайың, бай терек, карагай) м-н канталган.

СМОЛЕНСКИЙ ОБЛАСТЫ РСФСРдин составында. 1937-ж. 27-сентябрда уюшулган. Аянты 49,8 миң *км*². Калкы 1121 миң (1979). 23 район, 14 шаар, 18 ш. т. посёлка бар. Борбору — Смоленск ш. Область Ленин ордени м-н сыйланган (1958).

С. о. Чыгыш Европа түздүгүнөн орун алган. Жери адыр-күдүрлүү түздүк. Түн.-батышында дөңсөөлүү морена рельефи сакталган. Аймагында Смоленский ж-а Вязьма дөңсөөлөрү жайгашкан. Кен байлыктары: күрөң көмүр, чым-көң, аки таш теги, курулуш материалдары ж. б. Климаты мелүүн континенттик. Январдын орт. темп-расы —8°...—10°С, июлдуку 17—18°С. Жылдык жаан-чачыны 600 *мм*. Ири дарыялары: Днепр (куймалары: Десна, Сож), Вазуза, Угра (Волганын алабы), Каспля (Батыш Двина). Аймагынын 31% токой (кайың, бай терек, карагай, мырза карагай ж. б.). Жаныбарлары: түлкү, карышкыр, күрөң аюу, доңуз, тыйын чычкан, коён ж. б.

Калкы негизинен орустар. Белорус, украин ж. б. да жашайт. Орт. жышт. 1 *км*² жерге 22 киши. Шаар калкы 60%. Башкы шаарлары: Смоленск, Рославль, Сафоново, Вязьма ж. б.

С. о.— айыл чарбасы, ө. ж. өнүккөн район. Бардык ө. ж. дүң продукциясы 1940-жылга салыштырганда 1974-ж. 7 эсеге көбөйгөн. Маанилүү ө. ж. тармактары: машина куруу, металл иштетүү, жеңил ж-а тамак-аш. Союздук ж-а респ-калык маанидеги автоматика каражаттары, эсептөө машинасы, муздаткыч, автомобиль запас бөлүктөрү, электр лампа, суу кайнатуучу казан, пианино, жер семирткич, трикотаж, байпак, ыгыр, кездеме чыгарат. Тамак-аш ө. ж. негизинен май, сыр, сүт консерваларын ж-а курак сүт өндүрөт. Областка СССРде эгилген зыгырдын 8,5% туура келет. А. ч-га жарактуу 2604,8 миң *га* жердин 1575,7 миңи айдоо, 556,4 миңи чабынды, 443,7 миңи жайыт. Айдоо аянтына эгин, картошка, тоют эгилет. 1979-ж. 807 миң үй (сааны 375 миң), 290 миң кой, 340 миң чочко болгон. Автомобиль жолунун уз. 3 миң *км*, т. ж.—1175 *км* (1979), Днепр д-нан кеме жүрөт. Областтын аймагынан газ жүргүзүлүп отот. 1978—79-окуу жылында 1035 мектеп, 29 кечинчилик, 28 атайын орто, 3 жог. (мед., пед., физ-ра) окуу жайлары ж-а Москва энергетика ин-тунун, Москва а. ч. академиясынын болүмдөрү ж-а ил. из. ин-ттар болгон. Областта 730 китепкана, 974 клуб, 5 музей, 2 театр бар. 1979-ж. 12,9 миң орундуу 135 ооруканада 2,9 миң врач иштеген. Областтык «Рабочий путь» (1917-жылдан), «Смена» (1919) газеталары чыгат.

Об.: Центральный экономический район, М., 1973.

СМОЛИЧ Юрий Корнеевич [25. 6(8. 7). 1900, Умань ш. — 26. 8. 1976, Киев]—украин совет жазуучусу, Соц. Эмг. Баатыры (1970). 1951-жылдан КПСС мүчөсү. Киев коммерциялык ин-тун бүткөн (1918).



Ю. К. Смолич.

Чыг-лары 1917-жылдан жарыялана баштаган. «Акыркы Эйжевуд» романы (1926) м-н «Кооз катастрофалар» жыйнагында (1935), «Кырк сегиз саат» памфлет-романында капитализмди сынга алып, украин ад-тында укмуш окуялуу ж-а ил.-фантастикалык жанрга негиз салган. «Жарым киши» (1927), «Калган Мельпомена» (1928) ж. б. сатиралык чыг-ларында украин улуттук буржуазиясынын карасанатайлыгын ашкерелейт. Согушка чейин «Биздин сырлар» (1936), «Бала чак» (1937), «Он сегиз жаштагылар» (1938) деген автобиогр. үчилтик жаратқан. «Алар өтө алышкан жок» (1946), «Бирге салгылашканбыз» (1948) романдарында совет элинин согуш мезгилиндеги баатырдыгы таасын көрсөтүлсө, «Согуштан кийин» (1947), «Күн эрте башталат» (1950) романдарында эмгек темасы биринчи орунга коюлган. «Децизадеги таң» (1953), «Кең Днепр кааранат ж-а оптойт» (1960) романдарында украин элинин Совет бийлигин чыңдоодогу күрөшү суроттолот. С-тин чыг-лары СССР ж-а дүйнө элдеринин тилдерине которулган. Ал—УССР Жог. Советинин (8—9-шайл.) депутаты, УССР жаз. союзунун башкармасынын пред-ли (1971—73). Эки Ленин ордени, башка 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: в рус. пер. — Избранное, К., 1951; Избранное, т. 1—2, М., 1960; Ревёт и стонет Днепр широкий, М., 1975.

Об.: Пискунов В., Юрий Смолич, М., 1961; Шаховський С., Юрій Смолич. Повість про романіста, К., 1970.

СМОЛЬНЫЙ — 1917-ж. Окт. куралдуу көтөрүлүшүн жетектеген штаб жайгашкан имарат; Ленинграддын тарыхый, рев-ячыл ж-а арх-ралык эстелиги.

1917-ж. 4(17)-августта Таврия сарайынан С-га ББАК м-н Жумушчу ж-а солдат депутаттарынын Петроград совети көчүп келген. С-да, о. эле ББАКтын большевиктик фракциясында иштеген. Корниловчулукту жоюу күндөрүндө С. шаарды коргоонун борбору болгон. Аның 3-кабатындагы 3-бөлмөдө Петроградда Окт. куралдуу көтөрүлүшүн даярдоону ж-а жүргүзүүнү жетектеген Аскер-рев-ячыл комитет жайгашкан. 1917-ж. 24(6-ноябрь)-октябрда С-га көтөрүлүштү жетектөө үчүн В. И. Ленин келген. 25(7-ноябрь)-октябрда 22 саат 40 минутада С-дын Актовый залында Совет



Ю. Смуул.



Л. С. Соболев.

бийлигин жарыялаган Жумушчу ж-а солдат депутаттар советтеринин бүткүл россиялык 2-съезди өткөн. Улуу Окт. соц. рев-ясынын жеңишинен кийин С-да ББАК, ЭКС, Коммунисттик партиянын БКсы орун алган. 1917-ж. ноябрдын ортосунан 1918-жылдын 10-мартына чейин 2-кабаттын № 86 бөлмөсүндө (азыр музей) В. И. Ленин жашаган ж-а иштеген. 1918-ж. мартта өкмөт Москвага көчкөндөн кийин С-да Жумушчу, дыйкан ж-а солдат депутаттарынын Петроград совети ж-а шаардын жетекчи парт. уюмдары калган.

Азыр С-да КПССтин Ленинград шаардык ж-а обл. комитеттери м-н Эл депутаттарынын Ленинград аткому жайгашкан. Мурдагы С. монастырынын имаратында ВЛКСМдин Ленинград обл., шаардык комитеттери, КПССтин Ленинград обкомунун карамагындагы Партия тарыхы ин-ту ж. б. мекемелер орун алган.

С. шаардын эң сонун арх-ра комплексине кирет. Андагы С. монастыры (1748—54, арх. В. В. Растрелли) — орус барокксунун көрүнүктүү эстелиги. Монастырдын жанында С. институт (адептүү кыздардын) келишимдүү имараты (кийинки классицизм үлгүсүндө; 1806—08, арх. Ж. Кваренги) салынган. Имараттын алдында В. И. Ленинге эстелик тургузулган (1927, скульптор В. В. Козлов).

Ад.: Смольный. Краткий исторический очерк. 2 изд., Л., 1965.

СМУУЛ (1954-жылга чейин — Шмуул) Юхан (18. 2. 1922, Муху а-ндагы Когува кыш.— 13. 4. 1971, Таллин) — эстон совет жазуучусу, Эстон ССР эл жазуучусу (1965). 1951-жылдан КПСС мүчөсү. Ырлары 40-жылдардан жарыялана баштаган. «Ярвесуулук жигиттер бригадасы» (1948), «Алма гүлдөсө» (1951) ыр жыйнактарында жаш муундардын күрөөлдүү эмгегин сүрөттөгөн. 1951-ж. орусчага которулган «Ырлар. Поэмалар» жыйнагы үчүн СССР мамл. сыйлыгын алган (1952). «Мен — комсомол» поэмасы (1953) Улуу Ата Мек. согуш ж-дө. С-дун таанымал чыгармасы — «Муз китеп» роман-очерки (1958; Ленindик сыйл., 1961). «Атлантика океаны» (1956), «Леа» (1959) ж. б. пьесаларында адамдык асыл сапаттарды дацазаласа, «Полковниктин жесири же Врачтар эч нерсе билишпейт» (1966), «Пингвиндердин турмушу» (1969) пьесаларында учурдагы саясий, идеол. филос. маселелерди козгойт. С.— 1953—71-ж. Эстон ССР жаз. союзунун башкармасына пред-ль, 1954—71-ж. СССР жаз. союзунун башкармасына секретарь болгон. СССР Жог. Советине (5—6-шайл.) депутат. Ленин ордени, бачка 2 орден м-н сыйланган.

Чыг.: в рус. пер. — Морские песни, М., 1963; Пьесы, М., 1974; Муа китеп. Антарктида күнделүгү, Фр., 1967, 1971.

Ад.: Суровцев Ю., Юхан Смуул, М., 1964; Очерк истории эстонской советской литературы, М., 1971.

СМУШКЄВИЧ Яков Владимирович [1(14). 4. 1902, Литва ССРи, Рокишкис ш.— 28. 10. 1941] — эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1937, 1939), сов. аскер учкучу, авиациянын генерал-лейтенанты (1940). 1918-жылдан КПСС мүчөсү. Гражд. согушта (1918—20) аткычтар полкунун командири. Учкучтардын Кача аскер мектебин (1931), М. В. Фрунзе атн. Аскер академиясынын начальниктик составын билимин өркүндөтүү курсун бүткөн (1937). 1936—37-ж. өз каалоосу м-н Испаниядагы гражд. согушка катышкан. 1937-жылдан Кызыл Армиянын ААК башкармасынын начальнигине орун басар. 1939-ж. Халхин-Голдо Японияга каршы салгылашта авиациянын командачысы. 1939-жылдан Кызыл Армиянын ААКында жооптуу кызматтарда. 1939-жылдан ВКП(б) БКнын мүчөлүгүнө кандидат. СССР Жог. Советинин (1-шайл.) депутаты. Эки Ленин ордени ж-а МЭРдин Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

СНАЙПЕР (англ. sniper — жашырын жайдан атуу дегенден) — жашырынуу, баамдоо, таамай атуу өнөрүн мыкты өздөштүргөн аткыч (жоокер). «С.» деген ат биринчи дүйн. согушта (1914—18) англ. армияда пайда болгон. С. оптикалык кароолдуу мылтыктар м-н атат. Кээде артиллериянын, авиациянын ж. б-лардын козго атарлары да С. аталат.

СНЕГИРЕВ Владимир Фёдорович [27. 6(9. 7). 1847, Москва — 19. 12. 1916 (1. 1. 1917), ошол эле жер] — орус врачы, Россияда *гинекологияны* негиздөөчүлөрүнүн бири. 1870-ж. Москва ун-тинин мед. ф-тетин бүткөн. 1884-жылдан ошол эле ун-ттин проф. Гинекологдордун билимин оркүндөтүү ин-тунун уюштуруучусу (1896) ж-а директору. С. гинекологиялык ооруларды дарылоодо көп операцияларды иштеп чыккан. Россияда 1-болуп «гинекологиянын энциклопедиясы» болгон «Маточные кровотечения» деген эмгегин жазган. С.— Россиядагы ж-а чет өлкөдөгү көп пл. коомдорунун мүчөсү. 1-Москва мед. ин-тунун акушерлик ж-а гинекология клиникасы анын ысмында.

Чыг.: Новый способ образования искусственного влагалища, М., 1892; О целебном действии рентгеновских лучей, радия и мезотория на доброкачественные и злокачественные новообразования, М., 1913.

Ад.: Сердюков М. Г., В. Ф. Снегирёв, М., 1950.

СОБИНОВ Леонид Витальевич [26. 5(7. 6). 1872, Ярославль — 14. 10. 1934, Рига, соогу Москвага көчүлгөн] — сов. ырчы (лирикалык тенор), Респ-канын эл артисти (1923). 1894-ж. Москва ун-тинин укук ф-тетин, 1897-ж. Москва филармония коомунун Муз. драма окуу жайын бүткөн (А. М. Додонов ж-а А. А. Сантаган-Горчаковадан таалим алган). 1897-жылдан Чоң театрда ж-а Петербург опера театрларында солист. 1905-ж. Батыш Европада (Миланда, Мадридде ж. б.) гастролдо болгон. 1917—18-ж. Чоң театрдын директору. С. орус классикалык вокалдык мектебинин эң көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири. Кайталангыс жагымдуу үнү, артисттик чебердиги, драмалык таланты, сценалык жогорку мад-ттуулугу м-н айырмаланат. Негизги ролдору: Ленский (П. Чайковский, «Евгений Онегин»), Боян (М. Глинка, «Руслан жана Людмила») ж. б. Саратов консерваториясы ж-а Ярославль муз. окуу жайы С-дун ысмында. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

Ад.: Л. В. Собинов, т. 1—2, М., 1970; Львов М., Л. В. Собинов, М., 1951.

СОБОЛЕВ Владимир Степанович [17 (30). 5. 1908-ж. т., Луганск, азыркы Ворошиловград] — сов. геолог, СССР ИАнын акад. (1958). Соц. Эмг. Баатыры (1978), Ленинград тоо-кен ин-тун бүткөн (1930). Борб. геология-чалгындоо пл. из. ин-тунда (1930—41), Иркутск ж-а Львов ун-ттеринде, УССР ИАнын Кен байлыктар геологиясы ин-тунда (Львовдо) иштеген. 1958-жылдан Новосибирск ш-ндагы СССР ИАнын Сибирь бөлүмүнүн Геология ж-а геофизика ин-тунда директордун орун басары. Негизги эмгектери Сибирь платформасынын, Украинанын магма ж-а метаморфизмделген тоо тектерин изилдөөгө арналган. 1940-ж. Сибирь платформасы м-н Түш. Африка платформасынын геол. түзүлүшүнүн бири бирине жакындыгын, ошонун негизинде Сибирь платформасынын түндүгүндө кимберлит түтүкчөлөрү кездешүү мүмкүнчүлүгүн болжолдоп айткан. С. «Силикаттардын минералогиясына кириш сөз» (1949) деген эмгеги үчүн СССР мамл. сыйлыгын (1950) алган. 1974-жылдан Эл аралык минералогия ассоциациясынын президенти. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.


Ад.: Владимир Степанович Соболев. (К 60-летию со дня рождения), «Геология и геофизика», 1968, № 5.

СОБОЛЕВ Леонид Сергеевич [9(21). 7. 1898, Иркутск — 17. 2. 1971, Москва] — орус совет жазуучусу, Соц. Эмг. Баатыры (1968). Петербург дециз окуу жайын бүткөн. Чыг-лары 1926-жылдан жарыялана баштаган. Гражд. согуштун (1918—20) катышуучусу, Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде «Правда» газетасынын аскер кабарчысы. «Капиталдык ремонт» романында (1-т., 1932, жаңы главалары—1962) биринчи дүйн. согуштун алдындагы орус падыша флотунун ыдыраши, матростор м-н офицерлердин




































Спорт макаласына. 1. Альпинизм. 2. Ат спорту «стипль-чез» б-ча мелдеш. Фрунзе. 1977. 3. Чуркоо. СССР спортунун мастерлери: В. Путилов (№ 41), А. Исаков (№ 345), С. Жуманазаров (№ 24). 4. Күрөш. СССР—США командаларынын эл аралык жолугушуусу. Фрунзе. 1979. 5. Баскетбол. СССР—США командаларынын ортосундагы эл аралык жолугушуусу. Фрунзе. 1975. 6. Бокс. 7. Футбол. Фрунзе пик «Алга» командасы өз талаасында кезектеги матчты өткөрүүдө. 8. Фехтование. 9. Гимнастика. СССР спортунун мастери Т. Свиридова. 10. Спорттук басыш. Спорттун эл аралык класстагы мастери Отто Барч. 11. Велоспорт. 12. Сууда сүзүү. Кыргыз ССРинин рекордсмени А. Пряхин.



Спорт курулмалары макаласына. **1.** Инсбруктагы муз стадиондун жабык катогу. 1964. Арх. Г. Бухрайнер, О. Грубер. **2.** Токиодогу олимпиада стадиону. 1963—64. Арх. Масасико Мурата. **3.** Мехикодогу «Ацтек» стадиону. 1968. Арх. П. Рамирес Васкес, Р. М. Альсерра, Л. М. дель Кампо. **4.** Монреалдагы олимпиада-стадиону. **5.** Софиядагы жеңил атлетикалык жабык «Фестивальный» стадиону. 1968. Арх. Д. Владишки, И. Татаров, инженерлер И. Любенов, Р. Благоев, И. Пенов. **6.** Москвадагы В. И. Ленин атн. Борб. стадиондун спорттук чоң аянты. 1955—56. Арх. А. В. Власов, И. Е. Рожин, А. Ф. Хряков, Н. Н. Уллас, инженерлер В. Н. Насонов, В. П. Поликарпов, Н. М. Резников, Б. В. Щепетов. **7.** Москвадагы Татар жайылмасындагы сууу каналы. 1973. Арх. В. И. Кузьмин, В. Д. Колесник, И. Е. Рожин, А. Д. Ястребов, инженерлер В. Д. Васильев, С. Л. Гомберг, В. С. Гофман, А. Н. Кондратьев. **8.** Москва. Европадагы эң ири олимпиадалык стадиондун макети. Арх. Б. И. Тхор. **9.** Алматынын бийик тоолуу Медео стадиону. 1972. Арх. В. З. Кацев, А. С. Кайнарбаев ж. б., инженерлер С. Б. Матвеев, М. В. Плахотников ж. б. **10.** Фрунзедеги велотрек. 1962. Типтүү долбоор. Арх. В. Шаронинов.

идеялык-саясий тактилуусу көрсөтүлгөн. «Деңиз жандуу» ангемелер жыйнагы (1942; СССР мамл. сыйл., 1943), «Жашыл нур» (1954, кыргызчасы — 1959) повести ж. б. чыгарында матростордун тынчтык мезгилиндеги турмушун, Улуу Ата Мекеги согуштагы эрдигин баяндаган. М. Ауэзов м-н «Абай» (1941) трагедиясын жазышкан. С.— көп адабий, коомдук-саясий темадагы макаланын автору. Анын чыгармалары дүйнө элинин тилдерине которулган. РСФСР жаз. союзунун уюштуруу комитетинин (кийин башкармасынын) пред-ли (1957—70), СССР Жог. Советине (5—8-шайл.) депутат. Үч Ленин ордени, башка 4 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Собр. соч., т. 1—6, М., 1972—74; Тертөөнүн батальону, Фр., 1956.

Лит.: Сурганов В., Леонид Соболев, М., 1962.

СОБОЛЕВ Сергей Львович [23. 9(6. 10). 1908-ж. т., Петербург] — сов. математик ж-а механик, СССР ИАнын акад. (1939; корр. мүчө, 1933), Соц. Эмг. Баатыры (1968). 1940-жылдан КПСС мүчөсү. 1929-ж. Ленинград ун-тин бүткөндөн кийин СССР ИАнын Сейсм ин-тунда, 1932—43-ж. СССР ИАнын В. А. Стеклов атн. Матем. ин-тунда иштеген. 1935—57-ж. Москва ун-тинин проф., 1943—57-ж. Атом энергиясы ин-тунда, 1957-жылдан СССР ИАнын Сибирь бөлүмүндөгү Математика ин-тунун директору ж-а Новосибирск ун-тинин проф. Ал жекече туундулуу гиперболалык теңдемени чыгаруунун жаңы методун сунуш кылган. В. И. *Смирнов* м-н биргикте катмарлуу чөйрөдөгү термелүүнүн динамикалык маселеси үчүн функциялык инварианттуу чыгарылыш методун иштеп чыккан. СССР мамл. сыйл. (1941, 1951, 1953) лауреаты. Жети Ленин ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

СОБОР — 1) (тарыхый) шайланган же дайындалган адамдардын уюштуруу ж. б. маселелерди чечүү үчүн чакырылган чогулушу (мис., чиркөө С-у, земский С.). 2) Христиан диний архрасында жог. дин өкүлдөрү (патриарх, архиепископ ж. б.) зыярат кылуучу шаардагы же монастырдагы башкы храм. Белгилүү С-лор; Париж теңир эне С-у, Вормстогу (ГФР) «империялык» Санкт-Петер С-у, Римдеги ыйык Пётр С-у, Киевдеги София С-у ж. б.

СОВЕТ — Кемин р-нундагы Ильич айыл советине караштуу кыштак. Ильич атн. асыл тукум мал өстүрүү а-дунун аймагында. Райондун борбору ж-а т. ж. станциясы Быстровкадан 25 *км* чыгыш тарапта. Калкы 726 (1979). Сегиз жылдык мектеп, клуб, медпункт бар.

СОВЕТ — Ош обл-ныи Базар-Коргон р-нундагы Совет айыл советине караштуу кыштак. Энгельс ж-а Октябрдын 60 жылдыгы атн. к-здордун аймагында. Райондун борбору Базар-Коргондон 3 *км* түп. тарапта. Фрунзе — Ош автомобиль жолунун боюнда. Жалал-Абад т. ж. станциясынан 36 *км*. Калкы 4952 (1979). Эки орто мектеп, мад-т үйү, кинотеатр, 2 китепкана, амбулатория, тубдиспансер бар. Басмачыларга каршы күрөштө курман болгондорго эстелик тургузулган.

СОВЕТ — Ош обл-ныи Фрунзе р-нундагы ш. т. посёлка. Совет поссоветине карайт. Райондун борбору Фрунзе кыш-нан 64 *км* түн.-батыш тарапта. Алты-Арык т. ж. станциясынан (Өзбек ССРи) 30 *км*. Калкы 2308 (1979). Орто мектеп, клуб, китепкана, участкалык оорукана, Кан мебель ф-касы, резина-тех. буюмдар з-ду бар. 1949-ж. негизделген.

СОВЕТ — Ысык-Көл обл-ныи Ак-Суу р-нундагы Соколовка айыл советине караштуу кыштак. Дзержинский атн. с-здуи аймагында. Райондун борбору Теплоключенкадан (Ак-Суу) 32 *км* чыгыш тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 262 *км*. Калкы 781 (1979). Сегиз жылдык мектеп, клуб, китепкана, фельдшер-акушердик пункт бар.

«СОВЕТАКАН АЙАСТАН» («Советтик Армения») — газета, Армения КП БКнын, Армян ССР Жог. Советинин Президиумунун ж-а Мин. Советинин органы. 1920-ж. Ереванда негизделген. Алгач «Коммунист», 1921-жылдан «Хорурдаин Айастан», 1940-жылдан «С. А.» армян тилинде, жумасына 6 жолу чыгат. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган (1951). Тиражы 275 миң (1977).

СОВЕТ-АМЕРИКА МАКУЛДАШУУЛАРЫ. Дипл. мамиле 1933-ж. 16-ноябрда башталган. Фаш. Германия СССРге кол салгандан кийин АКШ өкмөтү СССРге экон. жардам берүүгө даяр экенин билгизген (1941-ж. 2-авг.). Кат аркылуу (1941, 30-окт.— 4-ноябрь) 1 млрд доллардык курал-жарак ж-а согуштук жабдууларды процентсиз заемдордун негизинде берүү сүйлөшүлгөн. Антигитлердик коалициянын жетектеген СССР, АКШ ж-а Улуу Британиянын демилгеси б-ча түзүлгөн 26 өлкөнүн Декларациясы (1942) Биригкен Улуттар Уюмуна негиз салган. Кызматташтык ж-а согуштан кийинки дүйн. түзүлүштүн башкы маселелерин чечүүдө СССР, АКШ ж-а Улуу Британия катышкан Тегеран (1943), Крым, Потсдам (1945) конф-ялары чоң роль ойногон. Согуштан кийинки мезгилде АКШ жүргүзгөн «кансыз согуш» саясаты сов.-амер. байланышты бошоңдотуп, эл аралык абалды оордоткон. СССР, АКШ ж. б. өлкөлөр 1963-ж. ядро куралдарын сынооо тыюу салуу, 1967-ж. космос, 1968-ж. ядро куралдарын таркатпоо ж-дөгү келишимдерге, 1972-ж. бактериол. курал ж-дөгү конвенцияга, 1973-ж. Вьетнам б-ча эл аралык конф-янын актысына кол коюшкан. Совет өкмөтүнүн демилгеси м-н СССР, АКШ, Англия ж-а Франциянын ортосунда Батыш Берлин б-ча торт тараптуу келишим (3. 9. 1971) түзүлгөн, 1972—74-жылдардагы сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында ядролук согушту болтурбоо, стратегиялык куралдануунун чектөө, куралсыздануу ж-дөгү, о. эле 1972—77-ж. экон. мамилелер ж-а ил.-тех., маданий, мед. кызматташуу, космос мейкиндигин ж-а атом энергиясын тынчтык максатта пайдалануу, Дүйн. океанды изилдөө ж. б. келишимдерге кол коюлган. 1974-ж. 23—24-ноябрда сов., амер. жетекчилер ортосунда Владивостокто ядро, ракета куралдарын чектөө ж-а кыскартуу ж-дө, 1977-ж. 28—30-мартта Москвада чабуул коюучу стратегиялык куралдарды чектөө ж-дөгү келишимди түзүү үчүн зарыл маселелерди карап чыгуу б-ча сүйлөшүүлөр болгон. 1979-ж. 18-июнда Венада тараптар чабуул жасоочу стратегиялык куралдарды чектөө (ОСВ-2) ж-дөгү келишимге кол коюшкан.

СОВЕТ-АНГЛИЯ МАКУЛДАШУУЛАРЫ. 1921-ж. 16-марттагы соода келишими Англиянын Совет өкмөтүн тааныгандыгын билгизген. Дипл. мамиле 1924-ж. 2—8-февралда башталган. 1930, 1934-ж. убактылуу соода келишимдери түзүлгөн. 1941-ж. 12-июлдагы Германияга каршы бирге күрөшүү ж-дөгү келишим антигитлердик коалициянын түзүлүшүнө негиз болгон. Согушту аяктоо ж-а согуштан кийин дүйнөнүн түзүлүш жагдайы ж-дөгү маселелерди 1943-ж. Тегеран, 1945-ж. Крым, Потсдам конф-яларында СССР, Улуу Британия ж-а АКШнын өкмөт башчылары карап чыгып, маанилүү чечимдерди кабыл алган. СССРдин эл аралык абалды жеңилдетүүгө багытталган активдүү саясаты сов.-англ. мамилелердин өнүгүшүнө шарт түзгөн. Экон., ил.-тех. кызматташтык б-ча келишимдер түзүлгөн (1956, 1965, 1967, 1968, 1974). СССР, Улуу Британия ж-а АКШ 1963-ж. ядро куралын сынооо тыюу салуу ж-а таркатпоо, 1967-ж. космос ж-дө ж. б. келишимдерге кол коюшкан. 1975-ж. 17-февралдагы биргелешкен билдирүүдө тараптар өз ара түшүнүүнү бекемдөөгө умтула тургандыгын белгилешкен. 1977-ж. ядролук согушту алдын ала болтурбоо ж-дө макулдашылган.

СОВЕТ-АФГАНСТАН МАКУЛДАШУУЛАРЫ. Сов. өкмөт биринчи болуп Афг-ндын көз карандысыздыгын тааныган (27. 3. 1919). 1921-ж. 28-февралда достук, 1926-ж. 31-августта бири бирине кол салбоо ж-а бейтараптык ж-дөгү келишимдерге кол коюшкан. 1946-ж. чек ара маселелери б-ча, Кушка д-нын суусун пайдалануу ж-дө келишимдер түзүлгөн. Кийинки жылдарда экон., ил.-тех. ж-а маданий байланыштар б-ча келишимдер түзүлгөн (17. 7. 1950; 28. 1. 1956; 25. 6. 1958; 4. 2. 1959; 16. 10. 1961; 17. 10. 1963; 28. 7. 1965; 10. 11. 1975; 5. 12. 1978 ж. б.).

«СОВЕТ БИЙЛИГИНИН КЕЗЕКТЕГИ МИЛДЕТТЕРИ» — В. И. Ленинди соц. экономиканын негизин куруунун планын, жолдорун ж-а методдорун белгилеген эмгеги, 1918-ж. март —

апр. айларында жазылган. Анда В. И. Ленин капитализмден социализмге өтүү мезгилиндеги маанилүү, өзгөчө экон. маселелерди козгогон. Россиянын ички ж-а тышкы абалын талдаган, убактылуу тынчтык шартында [к. *Брест тынчтыгы (1918)*] пролетариат диктатурасынын милдети соц. экономиканын негизин түзүү экенин ж-а анын жолдорун айкын көрсөткөн. Россиядагы көп укладдуу чарба шартында, майда бурж. стихияга каршы күрөштө, соц. укладдын жеңишин камсыз кылууда эсеп ж-а контроль ишине чоң маани берип, «...продукталарды өндүрүү жана бөлүштүрүү боюнча бардык жактан мамлекеттик эсеп жана контроль болбосо, эмгекчилердин бийлигин, эмгекчилердин эркиндигин колдо карман калуу мүмкүн эмес» — деген (Чыг., кырг. 1-бас., 27-т., 267-б.). Майда бурж. стихияга каршы күрөштө мамл. капитализмдин айрым элементтерин (концессия, айрым ө. ж. ишканаларын капиталисттерге арендага берүү ж. б.) ж-а керек-жарак кооперацияларын пайдалануну сунуш кылган.

«Советтердин кезектеги милдеттеринин бири — эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу,— деген В. И. Ленин,— ...анткени социализм алга, эмгектин жогорку өндүрүмдүүлүгүнө карай, капитализм менен салыштырганда жана капитализм базасында жетишилгенге караганда жогору болгон эмгек өндүрүмдүүлүгүнө карай ач сезимдүү жана массалык түрдөгү кыймылды талап кылат» (ошондо, 261-б.). Соц. мелдешти эл массасын соц. курулушка тартуунун, эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун күчтүү куралы катары эсептеген. Аны ийгиликтүү уюштурууда басма сөзгө чоң маани берген. Соц. мелдешти уюштуруунун негизги принциптерин аныктап, социализмди ж-а коммунизмди куруунун теориясы м-н практикасын байыткан. В. И. Ленин кезектеги милдеттердин дагы бир негизгиси катары *пролетариат диктатурасын* ж-а анын саясий формасы — советтерди чыңдоого чакырган. Эмгектеги бул жоболор марксизмди байытуу м-н бирге азыркы өнүккөн социализм учурунда өзүнүн актуалдуулугун сактап кала берет.

Ад.: Ленин В. И., Совет бийлигинин кезектеги милдеттери деген макаланын алгачкы долбоору, Чыг., кырг. 1-бас., 27-т.; ошонуку, Совет бийлигинин кезектеги милдеттери, ошондо.

СОВЕТ БИЙЛИГИНИН САЛТАНАТТУУ ЖҮРҮШҮ (1917—18) — 1917-ж. 25-октябрдан 1918-ж. февр.— мартка чейинки мезгилде өлкөдө Совет бийлигин орнотуу процесси. Эмгекчилердин Совет бийлиги үчүн күрөшүн В. И. Ленин башында турган РСДРП(б) БК ж-а жерг. парт. уюмдар жетектеген. Советтердин Бүткүл россиялык 2-съездинин декреттери (к. *Жер жөнүндө декрет, Тынчтык жөнүндө декрет)* ж-а алгачкы соц. кайра куруулар Совет бийлигин орнотууда чечүүчү роль ойногон. Совет бийлиги 1917-ж. 25(7-ноябрь)-октябрда Петроград, Минск, Иваново-Вознесенск ж. б., 26(8-ноябрь)-октябрда Кронштадт, Уфа, Казан, Челябинск ж. б., 2(15)-декабрда Москвада, 1917-ж. окт.— декабрда Урал, О. Азия ж-а Каз-ндын көпчүлүк аймагында, 1918-ж. Сибирдин бардык аймагында жеңген. Армия рев-ячыл элдин тарабына өткөн. Германия м-н тынчтык ж-дө сүйлөшүүлөр башталган. Маанилүү рев-ячыл кайра куруулар жүргүзүлгөн. 1917-жылдын аягына чейин өндүрүшкө жумушчу контролу, 8 сааттык жумуш күнү киргизилип, банктар мамлекеттештирилген, сословиелик теңсиздик ж-а артыкчылык жоюлган. *«Россия элдеринин укуктарынын Декларациясы»* жарыяланган. Совет өкмөтүнүн ишмердиги эски эксплуататордук мамл. аппаратты кулатууга ж-а жаңы сов. соц. мамлекет аппаратын түзүүгө багытталган. ЭКСтин 1918-ж. 15(28)-январдагы декрети б-ча жумушчу-дыйкан Кызыл Армиясы, 1917-ж. 7(20)-декабрдагы декрети б-ча контррев-я м-н саботажчыларга каршы күрөшүү үчүн Бүткүл россиялык атайын комиссия (ВЧК) түзүлгөн. Мамл. бийликтин ж-а жетекчиликтин соц. органдарынын системасы (борбордо — Советтердин бүткүл россиялык съезди, ББАК ж-а ЭКС, жер-жерлерде айылдык ж-а шаардык советтер ж. б.) түзүлгөн; Жумушчу ж-а солдат депутаттар совети Дыйкан депутаттар совети м-н бириккен. 1918-ж. 6(19)-январда уюмдаштыруу чогулушунун тыкаталышы пролетариат м-н дыйкандардын рев-ячыл-демокр. диктатурасынын органы Советтердин жеке ж-а толук бийлигинин биротоло орногонун билдирген. Кырг-нда Совет бийлиги 1917-ж. ноябрда Сүлүктүдө, Таласта, декабрда Жалал-Абадда. 1918-ж. январда Ошто, февралда Пишпекте, апрелде Нарында, майда Пржевальскиде орногон. С. б. с. ж-нүн жыйынтыгын чыгарып, В. И. Ленин: «Биз бир канча жуманын ичинде буржуазияны кулатып, граждандык согуштагы анын ачык түрдө чыккан каршылык көрсөтүүсүн талкалап жеңдик. Биз эң зор өлкөнүн бир четинен экинчи бир четине большевизмдин триумфалдык жеңиштүү жүрүшү менен басып өттүк» (Чыг., кырг. 1-бас., 27-т., 161-б.) — деген.

Ад.: История КПСС, т. 3, кн. 1, М., 1967, гл. 6; История СССР с древнейших времён до наших дней, т. 7, М., 1967, гл. 4; История Великой Октябрьской социалистической революции, М., 1967; Кыргыз ССР тарыхы, 2-т., Фр., 1973.

СОВЕТ-БОЛГАРИЯ МАКУЛДАШУУЛАРЫ. Дипл. мамилелер 1934-ж. июлдан башталган. 1948-ж. 18-мартта Москвада достук, кызматташтык ж-а өз ара жардамдашуу ж-дө келишим 20 жылдык мөөнөткө түзүлгөн (1967-ж. 12-майда дагы 20 жылга узартылган). Болгарияга тех. жардам берүү ж-дө (1. 4. 1948), маданий кызматташтык ж-дө (28. 4. 1956) ж. б. келишимдерге кол коюлган. СССР м-н БЭР *Варшава договорунун (1955)* кол койгон. 1971—75-ж. товар алмашуу ж-дө (4. 11. 1970) ж. б. келишимдерге кол коюлган. Коммюникеде (18. 11. 1972) эки тарап тең пландарын 1976—80-ж. ж-а андан узак келечекке координациялоого өзгөчө көңүл бурушкан. Өз улуттук чарб. маселелерин соц. экон. интеграциянын комплекстүү программасынын максаттарына ылайык иштен чыгуу ж-дө макулдашкан көптөгөн келишимдер түзүлгөн (21. 5. 1976, 3. 11. 1974 ж. б.).

Ад.: Внешняя политика Советского Союза. 1948 год, ч. 1, 1950; Внешняя политика Советского Союза и международные отношения. Сб. документов. 1967 год, М., 1968.

СОВЕТ-ВЕНГРИЯ МАКУЛДАШУУЛАРЫ. Дипл. байланыш 1934-ж. 4-февралдан башталган. Венгрия фаш. Германия тарапта согушкандыгына байланыштуу 1941-ж. 23-июнда дипл. мамилелер үзүлгөн. Венгрияда элдик-демокр. рев-я жеңгенден кийин 1945-ж. 25-сентябрда дипл. мамилелер калыбына келтирилип, экон., тех., соода, өз ара жардамдашуу ж. б. көптөгөн келишимдерге кол коюлган. Венгрия башка соц. мамлекеттер м-н бирге 1949-ж. январда СЭВди түзүүгө, *Варшава договорунун (1955)* кол коюуга катышкан. Достук, кызматташтык ж-а өз ара жардам ж-дөгү 20 жылдык келишимдер (1948, 1968) эки өлкөнүн ортосундагы ил.-тех. ж-а маданий байланышты андан ары чыңдаган. Төмөндөгүдөй келишимдер түзүлгөн: Венгрия 1990-жылга чейин СССРге а. ч. продукцияларынын көп бир түрлөрүн берүү ж-дө (22. 10. 1975), 1976—80-ж. товар алмашуу ж-дө (16. 12. 1975; 9. 2. 1976; 18. 11. 1976 ж. б.).

СОВЕТ-ВЬЕТНАМ (ВСР) МАКУЛДАШУУЛАРЫ. Дипл. мамилелер 1950-ж. 30-январдан башталган. 1954-ж. Вьетнамдагы согушту токтотууда ж-а Женева келишимдерине (1954) кол коюуда СССР чоң роль ойногон. СССР м-н ВСРдин ортосунда түзүлгөн келишимдер: ВСРдин граждандарын СССРдин орто ж-а жог. окуу жайларында окутуу ж-дө (27. 8. 1955), маданий ж-а ил.-тех. кызматташтык ж-дө (15. 2. 1957; 7. 3. 1959) ж. б. 1965-ж. 10-февралдагы билдирүүдө эки тарап тең амер. авиациянын ВСРдин аймагына кол салуусун айыптаган. Совет өкмөтү зарыл жардамды (атап айтканда коргонуу жөндөмдүүлүгүн чыңдоо ж-а тех. жактан) берүү б-ча келишимдерге, коммюникеге ж. б. кол коюшкан (10. 7. 1965; 21. 12. 1965; 25. 11. 1968; авг. 1971; 9. 12. 1972). СССР Вьетнамда согушту токтотуу ж-а тынчтыкты калыбына келтирүү б-ча Париж келишимин колдоп, Вьетнам б-ча эл аралык конф-яның (2. 3. 1973) Актысына кол койгон. 1975-ж. 30-октябрдагы Декларация эки элдин ортосундагы ар тараптуу байланыштардын терендешинин негизги багытын аныктаган. 1978-ж. 2—3-ноябрда достук ж-а кызматташтык ж-дө, о. эле экон. бир топ келишимдерге кол коюлган.

СОВЕТ-ГЕРМАНИЯ (ГДР) МАКУЛДАШУУЛАРЫ. Дипл. мамилелер 1949-ж. 16-октябрда башталган. СССР ГДРдин закондуулугун биринчи тааныган. 1950-ж. сентябрда ГДР СЭВге кабыл алыныш, төмөнкүдөй келишимдер түзүлгөн: ил.-тех. кызматташтык ж-дө (27. 9. 1951), ГДРдин гражданларын СССРдин жог. окуу жайларында окутуу ж-дө (12. 5. 1952), атом. изилдөөгө ж-а атом энергиясын ГДРдин эл чарбасына колдонууга жардам берүү ж-дө (28. 4. 1955) ж. б. ГДР СССР ж-а башка соц. мамлекеттер м-н *Варшава договорун (1955)* түзүшкөн. Булардан башка саламаттык сактоо, маданий байланыштар, экон.-тех. кызматташтыктар ж-дө келишимдер (1958, 1964, 1965, 1966, 1975, 1976 ж. б.), СССР ж-а ГДРдин эл чарба планын 1976—80-ж. координациялоонун жыйынтыктары ж-дө токтом (28. 7. 1975) ж. б. түзүлгөн. О. эле СССР м-н ГДР ортосунда 1975-ж. 25 жылга достук, кызматташтык ж-а өз ара жардам ж-дөгү келишим түзүлгөн.

СОВЕТ-ГЕРМАНИЯ (ГФР) МАКУЛДАШУУЛАРЫ. Дипл. мамиле 1955-ж. 13-сентябрда башталган. 1958-ж. 25-апрелде консулдук ж-а соода келишими түзүлгөн. 1970-ж. 12-августагы келишим б-ча СССР ж-а ГФР Европадагы абалды жөнгө салууга, талаш-тартыштуу тынчтык жол м-н чечүүгө, күч м-н коркутуу же күч колдонуудан өзүн өзү токтотууга милдеттенишкен, бири бирине эч кандай аймактык доосу жоктугун ж-а доо кылбасын билдиришкен. Бул келишим ГФРдин реакциячыл чөйрөсүнүн катуу каршылыгынан 1972-ж. 3-июнда арач күчүнө кирген. 1973-ж. 18—22-майдагы өкмөт башчыларынын жолугушуу мезгилинде ө. ж., экон., тех. ж-а маданий кызматташтык ж. б. б-ча келишимдер түзүлгөн. 1973-ж. 21-майдагы биргелешкен билдирүүдө Европадагы абалды жеңилдетүү жакшырганын, ГФР м-н болгон СССРдин келишимдерин ж-а 1971-ж. 3-сентябрдагы Батыш Берлин б-ча төрт тараптуу келишимдин маанилерин бөтөнчө белгилешкен. Биргелешкен билдирүүдө (30. 10. 1974) тараптар 1970-жылкы келишим СССР м-н ГФРдин ортосундагы мамилелердин мындан ары өнүгүшүнүн негизи болуп кала берерин билдиришкен. 1978-ж. биргелешкен декларация ж-а экон. кызматташтыкты андан ары терендетүү ж-дө келишимдерге кол коюлган.

СОВЕТ-ГЕРМАНИЯ МАКУЛДАШУУЛАРЫ. Дипл. мамилелер 1922-ж. 16-апрелден башталган. 1921-ж. 6-майдагы соода-экон. катнаш ж-дөгү мамиле Германиянын Совет өкмөтүн тааныгандыгын билдирген. *Брест тынчтыгы (1918)* б-ча орногон дипл. байланышты Германия 1918-ж. ноябрда согуш баштоо м-н бузган, 1924-ж. дипл. байланыш калыбына келтирилген. Көптөгөн келишим (12. 10. 1925; 24. 4. 1926), конвенция (25. 1. 1929); токтомдор (21. 12. 1928; 24. 6. 1931) түзүлгөн. Германияда бийликке Гитлер келген соң (1933) Совет-Германия мамилелери кескин начарлаган. 1939-ж. 23-августта бири бирине кол салбоо ж-дө келишим түзүлгөн, бирок фаш. Германия бул келишимди 1941-ж. 22-июнда бузуп, СССРге каршы баскынчыл согуш баштаган. Эл аралык укуктун принциптерине ылайык Германия СССРге кол салган учурдан С.-Г. м. өз күчүн жоготкон.

СОВЕТ-ИНДИЯ МАКУЛДАШУУЛАРЫ. Дипл. байланыш 1947-ж. 2—4-апрелден башталган. Соода б-ча Индия-га тех. жардам берүү ж-дө (2. 12. 1953); Бхиланде металлургия з-дун куруу ж-дө (2. 2. 1955) келишимдер түзүлгөн. 1955-ж. 22-июндагы Биргелешкен билдирүүдө тынчтыкта жаная жашоо принциптерин жетекчиликке алуу зарылдыгы айтылган. Биргелешкен коммюникеде (13. 12. 1955) соода ж-а экон. мамилелерди кеңейтүү ж-дө макулдашылган ж-а кеме катнашы, оор ө. ж. ишканаларын курууга көмөктөшүү, Индияга узак мөөнөткө кредит берүү, аба катнашы, маданий, ил. ж-а тех. кызматташтык, Бокародо металлургия з-дун курууга көмөктөшүү ж-а кредит берүү ж-дө ж. б. келишимдер түзүлгөн. Индия 1965-ж. Инди-Пакистан чыр-чатагын тынчтык жол м-н жөнгө салууга негиз түзгөн Ташкен жолугушуусун уюштуруудагы СССРдин демилгесин жогору баалаган. 1958, 1963, 1970-ж. соода келишимдерине кол коюлган. 1971-ж. 9-августа 20 жылга Тынчтык, достук ж-а кызматташтык келишим түзүлгөн. 1972—73-ж. эки өлкө ортосунда бир топ келишимдерге кол коюлган. 1973-ж. 29-ноябрдагы Биргелешкен декларация эки өлкөнүн достук байланышты чыңдоого болгон аракетин көрсөткөн. 1977-ж. октябрда СССР м-н Индия ортосунда достук ж-а кызматташтыкты андан ары онуктүрүү ж-дөгү декларацияга кол коюлган ж-а бир топ келишимдер түзүлгөн.

СОВЕТ-ИРАН МАКУЛДАШУУЛАРЫ. Дипл. мамилелер 1920-ж. 4—20-майдан башталган. 1921-ж. 26-февралдагы келишим падыша өкмөтүнүн Персия (Иран) м-н түзгөн бардык тең укуксуз келишимдерин жойгон. Эки тарап оз аймагына 3-мамлекеттин аскерин киргизбөөгө милдеттенишкен. Совет мамлекети падыша өкмөтүнүн займдору б-ча укуктарынан баш тартып, Иранга шоссе, т. ж., телеграф ж-а телефон линияларын, Энзели портун ж. б. бекер берген. Эки тарап соода ж-а консулдук мамилелерди кайра баштоо ж-дө макулдашкан. Келишим азыр да күчүндө. 1927-ж. 1-октябрдагы бейтараптык ж-а гарантия ж-дө келишим б-ча бири бирине коркунуч туудурган саясий союздарга, келишимдерге кошулбоо ж-а таалаш-тартыштарды тынчтык жол м-н чечүү ж. б. милдеттер киргизилген. 1942-жылдагы Англия-Совет-Иран келишими б-ча Иран антигитлердик коалиция өлкөлөрү м-н кызматташууга мүмкүндүк алган. 1943-ж. Тегеран конф-ясында СССР, Улуу Британия ж-а АКШ Иран б-ча кабыл алган Декларацияда Ирандын көз карандысыздыгы, суверенитети ж-а аймагына эч ким тийбестиги ж-дө билдиришкен. Согуштан кийинки жылдарда көптөгөн келишим түзүлгөн: чек ара маселелери б-ча (2. 12. 1954; 25. 4. 1957; 14. 5. 1957), экон. ж-а тех. кызматташтык б-ча (27. 7. 1963; 7. 10. 1970), маданий байланыштар б-ча (22. 8. 1966), ил.-тех. кызматташтык б-ча (25. 2. 1971; 15. 3. 1973), 1976—80-ж. товар алмашуу ж-дө (19. 10. 1976) ж. б. Антишахтык элдик рев-я жеңгенден соң (1979, февр.), орногон убактылуу өкмөттү СССР биринчи болуп тааныды.

СОВЕТ-ИТАЛИЯ МАКУЛДАШУУЛАРЫ. Дипл. мамиле 1924-ж. 7-февралда башталган. 1941-ж. 22-июнда фаш. Италия СССРге согуш ачып, 1943-ж. 29-сентябрда жеңилгендиги ж-дө актыга кол койгон. Италия м-н тынчтык келишим түзүлгөндөн кийин (10. 2. 1947) экон., ил.-тех., соода ж-а консулдук мамилелер б-ча конвенциялар, келишимдер түзүлгөн (11. 12. 1948; 9. 2. 1960; 16. 5. 1967; 26. 10. 1972; 11. 11. 1976 ж. б.). 1975-ж. 20-ноябрдагы биргелешкен декларацияда эки тараптуу мамилелердин кеңейишине умтула тургандыгы билдирилген. 1975—79-жылдардагы экон. кызматташтык ж-дөгү келишим түзүлгөн (20. 11. 1975).

СОВЕТ-КОРЕЯ (КЭДР) МАКУЛДАШУУЛАРЫ. Дипл. мамилелер 1948-ж. 12-октябрдан башталган. СССР м-н биринчи тең укуктуу келишим — Экон. ж-а маданий кызматташтык ж-дө (3. 17. 1949). СССР КЭДРге 1950—53-жылдардагы боштондук согуш мезгилинде көп жардам көрсөткөн. 1953-ж. 20-сентябрдагы ж-а 1956-ж. 12-июндагы коммюникелерде КЭДРдин согуштан бүлүнгөн эл чарбасын кайра калыбына келтирүү үчүн жардамдарды (жабдуу, азык түлүк) берүүнү көбөйтүү каралган. Ил.-тех. кызматташтык ж-дө (5. 2. 1955), достук, кызматташтык ж-а өз ара жардамдашуу ж-дө (6. 7. 1961) ж. б. келишимдерге кол коюлган. 1973-ж. апрелде СССР Жог. Совети (кат аркылуу) өлкөнүн тынч демокр. биригүүсүнүн программасын колдогон. Экон. ж-а ил.-тех. кызматташтык б-ча келишимдер түзүлгөн (9. 2. 1976; 11. 6. 1977 ж. б.).

СОВЕТ-КУБА МАКУЛДАШУУЛАРЫ. Дипл. мамиле 1942-ж. 5—14-октябрдан башталып, 1952-ж. 3-апрелде үзүлгөн. Куба рев-ясынын жеңишинен кийин 1959-ж. 10-январда калыбына келтирилген. Совет-Куба мамилелери соц. интернационализмдин принциптеринин негизинде өнүгө баштаган. Куба м-н төмөнкүдөй макулдашуулар түзүлгөн: товар алма-


шуу ж-дө, Кубага кредит берүү ж-дө (13. 2. 1960), маданий байланыш ж-дө (12. 12. 1961), аба катнашы ж-дө (17. 7. 1962), балык уулоодогу кызматташтык ж-дө (25. 9. 1962), ил.-тех. кызматташтык ж-дө (28. 10. 1964), СССРге узак убакка кант берүү ж-дө (21. 1. 1964), атом энергиясын тынчтык максатта пайдалануу б-ча кызматташтык ж-дө (15. 9. 1967), экон. ж-а тех. кызматташтык ж-дө, Кубага кредит берүү ж-дө (экөө тең 23. 12. 1972) ж. б. Куба — 1972-жылдан СЭВдин мүчөсү. 1974-ж. 2-февралдагы Декларацияда эки тарап бардык жактан кызматташтыкты өркүндөтүүгө даярдыгын билгизген. Куба м-н 1976—80-жылдарга соода, ж-а ил.-тех. кызматташтык ж-дө (экөө тең — 1976) ж. б. келишимдер түзүлгөн.

СОВЕТ-КЫТАЙ КОНФЛИКТИСИ (1929) — Чыгыш Кытай т. ж-ндагы (ЧКТЖ, 1893—1903-ж. Россия курган) согуштук кагылыш. Кытай согушчандары 1929-ж. июлда ЧКТЖны биргелешип башкаруу ж-дөгү келишимдерди бузуп, аны басып алган. Сов. кызматкерлерди бошотуп, 2 миңден ашык адамды камакка алган. Сов. аймактын айрым жерлерине кирип келген. Ушундан улам СССР Рев-ялык аскер совети 1929-ж. августта провокаторлорго сокку уруу, чек араны коргоо максатында Өзгөчө Ыраакы Чыгыш армиясын (В. К. *Блюхер* башкарган) түзгөн. Сов. Армия душманды талкалаган соң ЧКТЖ м-н чек арадагы абалды калыбына келтирүү ж-дөгү Хабаровск токтому (1929, дек.) түзүлгөн.

СОВЕТ-КЫТАЙ МАКУЛДАШУУЛАРЫ. Дипл. ж-а консулдук мамилелер 1924-ж. 31-майда түзүлгөн. Падыша өкмөтүнүн бардык келишимдери жокко чыгарылган. Эки тарап бири бирине каршы үгүт жүргүзбөө, бири бирине зыян келтирчү келишим түзбөө ж. б. ж-дө милдеттенишкен. 1929-ж. Совет-Кытай чатагынын кесепетинен дипл. мамиле үзүлгөн (к. *Совет-Кытай конфликтиси*). Дипл. мамилелер 1932-ж. 12-декабрда кайра калыбына келтирилген. 1937-ж. 21-августа бири бирине кол салбоо ж-дөгү келишимге кол коюшкан. 1945-ж. 14-августа союздашуу ж-а достошуу келишими түзүлгөн. О. эле Чыгыш-Кытай т. ж-н бирге пайдалануу, Порт-Артурду (Люйшун) аскер деңиз флотунун базасы катары урунуу, япон агрессиясына байланыштуу Кытайдын үч провинциясына Сов. армиянын кирүүсү ж-дө макулдашылган; 1949-ж. 1—2-октябрда СССР КЭР м-н дипл. байланышты баштап, Чанкайши өкмөту м-н болгон мамилесин үзгөн. КЭРдин соц. курулушка өтүшүнө 1950-ж. 14-февралдагы достук, союздаштык ж-а өз ара жардамдашуу келишими чоң роль ойногон. Экон., маданий байланыштар, ил.-тех. кызматташтыктар б-ча келишимдерге кол коюлган (27. 3. 1950; 2. 1. 1951; 12. 10. 1954). 1958-ж. 3-августагы Коммюникеде эки тарап эл аралык оорчулуктү жеңилдетүүгө бардык мүмкүчүлүктөрүн жумшоого милдеттенишкен, Совет-Кытай кызматташтыгын мындан ары өнүктүрүүнүн зарылдыгын, соц. өлкөлөрдүн бирдиктүүлүгүн сактоо керектигин таанышкан. 1950-жылдын аягы — 60-жылдын башынан КЭРдин жетекчилери КПССке, СССРге ж-а соц. өлкөлөргө каршы ачык күрөшкө өткөндүктөн 60-жылдары КЭРдин өкмөтү С.-К. м-нын көбүн жокко чыгарган.

СОВЕТ-ЛАОС МАКУЛДАШУУЛАРЫ. Дипл. мамиле 1960-ж. 7-октябрдан башталган. Соода, Намньеп д-ндагы ГЭСтин курулушуна тех. ж-а экон. жардам берүү (баары — 1. 12. 1962), аба байланышы (30. 3. 1970), Лаостун улуттук биримдигинин Убактылуу өкмөтүнө экон. жардам берүү (4. 1. 1975), соода ж-дө, маданий, ил. кызматташтык ж-а товар алмашуу (1977, апр. — май) ж-дө ж. б. келишимдер түзүлгөн.

СОВЕТ МЕРИНОСУ — уяң жүндүү кой породасы. СССРдин Европа бөлүгүнүн түш. райондорунда мазаев коюм-н жаңы кавказ мериносун аргындаштырып алынган меринос кочкорлорун жерг. кылчык жүндүү койлор м-н узак убакыт (1920—52) аргындаштыруунун негизинде чыгарылган.



С. м. аскания, кавказ, ставрополь, грозный, алтай породалары м-н жакшыртылган. Порода жүн ж-а жүн-эт багытында өстүрүлөт. Жүнү уяң, коюу, узуну ж-а ичкелиги айкалышып, тармалы кылка, негизинен 64-сапатта, уз. 7,5—10 *см*. Кочкорунан 13—16 *кг*, мыкыларынан 24 *кг*, соолугунан 5—7 *кг*, айрымдарынан 12 *кг* жүн кыркылат. Таза жүнү 36—42%. Жүн-эт багытындагы кочкордун салм. 95—115 *кг*, тубары 50—60 *кг*. Жүн багытындагы койдун салм. 5—10 *кг*га азыраак. Жүз тубар койдон 120—140 козу алынат. С. м. алыскы кышкы жайыт шартына жакшы көнгөн. Порода Ставрополь крайында, Ростов ж-а Астрахань обл-тарында, Батыш Сибирде, Калмак АССРинде, Каз-нда асыралат.

СОВЕТ-МОНГОЛИЯ МАКУЛДАШУУЛАРЫ. 1921-ж. Монгол элдик рев-ясы жеңгенден кийин Совет өкмөтү биринчи болуп жаңы мамлекетти тааныган. Монголиянын рев-яга чейинки карыздарын 1921-ж. 5-ноябрдагы келишим жокко чыгарган. 30-жылдардын башында МЭРдин коз карандысыздыгына япониялык агрессиянын коркунучу туулган мезгилде СССРге жө МЭРге үчүнчү мамлекет кол салганда өз ара жардам ж-дөгү ооз эки келишим түзүшкөн (27. 11. 1934). Экинчи дүйн. согуш мезгилинде МЭР СССРден жардамын алган эмес. 1946-ж. 27-февралда достук ж-а өз ара жардамдашуу, экон. ж-а маданий кызматташтык б-ча келишим түзүлгөн. МЭРдин 1962-ж. СЭВге кириши совет-монгол байланышын күчөткөн. 1966-ж. 15-январда 20 жылдык мөөнөткө достук, кызматташтык ж-а өз ара жардам берүү ж-дө келишим түзүлгөн. 1967-ж. 31-январда экон. ж-а ил.-тех. кызматташтык б-ча мамлекеттер аралык комиссия түзүлгөн. 1970-ж. 28-октябрдагы токтомдо эки тарап эл чарба пландарын координациялоо б-ча чараларды, ар тараптуу кызматташтыктын багыттарын белгилешкен. 1976-ж. октябрда СССР м-н МЭРдин ортосунда эл чарба пландарын координациялоо ж-дө токтом, 1977—78-ж. экон., ил.-тех. ж-а маданий байланыш б-ча көптөгөн келишим түзүлгөн.

СОВЕТ-ПОЛЬША МАКУЛДАШУУЛАРЫ. Дипл. мамиле 1921-ж. 27-апрелден башталган. 1932-ж. 25-июлда Совет өкмөтүнүн демилгеси б-ча бири бирине кол салбоо ж-дөгү келишимге кол коюшкан. Германиянын Польшага кол салуусуна байланыштуу (1939-ж. 17-сентябрда) дипл. мамилелер үзүлүп, 1941-ж. 30-июлда Польшанын эмигранттык өкмөтү м-н кайра калыбына келтирилген. 1941-ж. 18-августта согуштук келишимге, 1941-ж. 4-декабрда Достук ж-а өз ара жардам берүү декларациясына кол коюлган. 1942-ж. эмигранттык өкмөт келишимди бузуп, СССРдин аймагында түзүлгөн поляк армиясын Ж. Чыгышка алып кеткен. СССР 1944-ж. 22-майда элдик бийликтин органы Крайова Рада Народованы ж-а 1944-ж. 26-июнда түзүлгөн Польшанын улуттук бошт. комитетин (ПУБК) тааныган. ПУБК убактылуу өкмөт болуп кайра түзүлгөндөн (1945, 2—5-янв.), кийин СССР м-н дипл. мамилени орнотуп, процентсиз заём ж-дөгү келишимге кол коюлган. 1945-ж. 21-апрелде достук, өз ара жардамдашуу ж-а согуштан кийинки кызматташтык ж-дө 20 жылга келишим түзүлгөн. 1949-ж. ПЭР СЭВди түзүүгө катышкан. 1945-ж. 14-майда *Варшава договорун (1955)* кол койгон. Экон., ил.-тех. ж-а маданий кызматташтыктар б-ча келишимдер түзүлгөн (5. 4. 1952; 23. 4. 1955; 30. 6. 1956); 1956-ж. 17-декабрда Польшада убактылуу турган сов. Армиянын укук статусу ж-дө келишимге кол коюшкан. 1964-ж. 15-апрелде экон. ж-а ил.-тех. кызматташтык б-ча өкмөт аралык комиссия түзүү ж-дө макулдашылган. 1965-ж. 8-апрелде 20 жылдык мөөнөткө достук, кызматташтык ж-а өз ара жардамдашуу

ж-дө келишимге кол коюлган. 1966-ж. 15-октябрда биргелешкен билдирүүдө эки тарап о. ж. өндүрүшүн кооперациялоо, адистештирүү ж-а ил.-тех. байланыштардын кеңейүү базасында экон. кызматташтыктын чараларын белгилешкен. Төмөндөгүдөй келишимдер түзүлгөн: атом энергиясын тынчтык максатта пайдалануу б-ча кызматташтыктын өнүгүшү ж-дө (20. 6. 1967), 1976—1980-ж. ПЭРге комплекстүү объектилерди, жабдууларды, сов. адистердин жардамы ж-дө (16. 12. 1975), 1978-ж. экон., ил.-тех. ж-а маданий кызматташтык б-ча ж. б.

СОВЕТ-ПОЛЬША СОГУШУ (1920) Гражд. согуш ж-а интервенция мезгилинде (1918—20) 1920-ж. апр.— октябрда Совет мамлекетине каршы бурж.-помещиктик Польшанын кол салуусунан келип чыккан. 1918-ж. Польшанын бурж.-помещиктик башкаруучу чөйрөсү Сов. Россия эсебинен аймагын кеңейтүү максатында ачык кууралдуу күрөштү баштап, Украина м-н Белоруссиянын бир топ райондорун басып алган. Польша Совет өкмөтүнүн элдешүү ж-дөгү бир канча сунуштарын кабыл албай, АКШ, Франция, Улуу Британиянын жардамына таянып, Совет өлкөсүнө ири чабуулду даярдаган. Армиясын Түн.-Чыгыш ж-а Түш.-Чыгыш фронтторуна бөлгөн; Украина ж-а Белоруссияны басып алуу максатында Врангель, контррев-ячылар ж-а петлюрачылар м-н биримдик келишимин түзүп, Украинанын «коз карандысыздыгын» тааныган. РКП(б) БК, Совет өкмөтү ж-а Башкы командование токтоосуз чараларды көрүп, Түш.-Батыш фронтту чыңдаган. 14-майда Батыш фронт (командачысы М. Н. *Тухачевский)* контрчабуулга өтүп, душмандын мизин кайтарган. 1920-ж. 26-майда Түш.-Батыш фронт (командачысы А. И. Егоров) Киев операциясын баштап, Польшанын 3-армиясын талкалаган. 4-июлда Батыш фронт чабуулга өткөн. 16-июлда РКП(б) БКнын пленуму чабуулду улантуу ж-дө чечим кабыл алган. Бирок сов. командованиенин кетирген каталарынан Түш.-Батыш фронтто Львов операциясы ишке ашпай, Варшава салгылашында Батыш фронт жеңилүүгө учуран, 25-августа аргасыздан Августов, Липск, Свислочь, Беловеж, Жабинка, Опалин, Батыш Буг д-нан Владимир-Волынскиге чейин чегинген. 19-сентябрда Польша армиясы Белоруссияда чабуулга өткөнү м-н алга жылган эмес. Согуштан алсыраган Польша аргасыздан элдешүү ж-дө сүйлөшүүгө макул болгон (к. *Рига тынчтык келишими, 1921)*. С.-П. с. аяктаган соң Совет өкмөтү негизги күчтү Врангелге каршы топтоого мүмкүндүк алган.

Ад.: История КПСС, т. 3, кн. 2, М., 1968; История Гражданской войны в СССР, т. 5, М., 1960.

СОВЕТ РАЙОНУ — Кыргыз ССРинин Ош обл-на караштуу админ. район. 1937-ж. уюшулган. Түн.-чыгышынан Ат-Башы р-ну, түш.-чыгышынан КЭР, түш.-батышынан Алай, түн.-батышынан Өзгөн р-ндору м-н чектешет. Аянты 5643 *км²*. Калкы 48,2 миң (1979). Райондо 5 колхоз, 3 совхоз, 1 машина мал чарба станциясы, 39 кыштак бар. Борбору — Кара-Кулжа кыш. (калкы 6345; 1979-ж.).

Жери негизинен тоолуу, Кара-Кулжа ж-а Тар сууларынын алабынан орун алган. Эң бийик жери 4900 *м* (Үч-Сейит массивинде), эң жапысы — 780 *м*. Райондун аймагында Фергана тоо тизмегинин чыгыш тармактары (Үч-Сейит, Тасыракай ж. б.), *Алайкуу* тоосу, Алайкуу, Кара-Кулжа, Кулун, Капчыгай, Ажыке ороондору жайгашкан. Климаты континенттик. Январдын орт. температурасы —14,8°С, июлдуку 15,3°С. Жылдык жаан-чачыны 350—571 *мм*. Ири суулары—Тар, Кара-Кулжа ж-а алардын куймалары: Сур-Таш, Тасыракай, Кулун, Терек, Алайкуу, Эшекарт, Таркол, Кайыңды-Булак, Акбогуз ж. б. Көлдөрү: Кулун, Кол-Кайыңды ж. б. Деңиз деңг. 780—1000 *м* бийикте маданий ландшафт, андан жогору каралжын боз топуроктуу талаа (1000—2000 *м*), тоо-кара топуроктуу бийик талаа, токой (2500—3000 *м*) ж-а гляциалдык-нивалдык ландшафт алкактары бар. Өсүмдүктөрдөн бетеге, шыбак, ит мурун, шыраалжын, тоо капталдарында табылгы, карагай, арча, андан жогору тундра өсүмдүктөрү өсөт. Жаныбарлары: карышкыр, доңуз, кашкулак, коён, түлкү, суур, кекилик, бактек ж. б.

Калкынын көбү кыргыз, өзбек, орус ж. б. да жашайт. 1 *км²* жерге 12,6 киши туура келет. А. ч-га жарактуу 352,6 миң *га* жердин 18305и айдоо, 23 миңи чабынды, 311,1 миңи жайыт. Дан эгиндери, тех. ж-а тоют өсүмдүктөрү, жашылча-жемиш ж. б. өстүрүлөт. Райондо 1978-ж. 10,4 миң уй, 279,5 миң кой-эчки, 6,6 миң жылкы болгон. 1977-ж. 6 үй тиричилик комбинаты ж-а анын 29 бөлүмү, 27 жалпы билим берүүчү мектеп, 1 кесипчилик окуу жайы, 15 клуб, 23 китепкана, 16 киноустановка, 3 ооруканa, 1 поликлиника иштеген. Сидоров атн. с-здо басмачыларга каршы күрөштө курман болгондорго эстелик тургузулган. 1941-жылдан райондук «Коммунизм үчүн» газетасы чыгат.

Ад.: Алиев З., Байгуттиев С., Түштүк Кыргызстандын жаратылышы, Фр., 1972; Киргизия (серия «Советский Союз»), М., 1970.

СОВЕТ-РУМЫНИЯ МАКУЛДАШУУЛАРЫ. Дипл. мамиле 1934-ж. 9-июнда башталган. [РСФСР м-н королдук Румыниянын ортосундагы Бессарабияны Румыниянын эвакуациялоосу ж-дөгү келишимди (5—9-март, 1918) Румыниянын өкмөтү бузуп, Бессарабияны басып алган]. 1940-ж. 26—28-июнда Бессарабия ж-а Түн. Буковинаны СССРдин составына кайта биректирүү ж-дөгү келишимге кол коюлган. 1941-ж. 22-июнда Румыния фаш. Германия м-н бирге СССРге кол салган. 1945-ж. 6-августа дипл. байланыштар калыбына келтирилген. 1949-ж. январда Румыния СЭВди түзүүгө катышып, 1955-ж. 14-майда *Варшава договорун (1955)* кол койгон. Экон., ил.-тех., маданий байланыштар, өз ара жардам ж-а кызматташтык б-ча көптөгөн келишим түзүлгөн (1955, 1957, 1959, 1960, 1965, 1970, 1972, 1976). 1977-ж. биргелешкен билдирүүдө достук ж-а кызматташтыкты андан ары өнүктүрүү белгиленген.

«СОВЕТСКАЯ АРХЕОЛОГИЯ»—СССР ИАнын Арх-я ин-тунун журналы. 1957-жылдан мурдагы «Советская археология» жыйнагынын (1936—59) ордуна чыгат. «С. а.» сов. археологдордун маанилүү ачылыштары, байыркы тарых, экономика, социалдык түзүлүш, идеологиянын ар кандай маселелери, байыркы ж-а о. кылым искусствосу б-ча макалаларды, сов. ж-а чет элдик арх-ялык ад-ттар ж-дөгү рецензияларды, сындарды жарыялайт. Жылына 4 жолу чыгат. Тиражы 3225 (1978).

«СОВЕТСКАЯ БИБЛИОГРАФИЯ» — библиографиянын жаатындагы башкы ил.-тармактык мезгилдүү басылма, Бүткүл союздук китеп палатасынын органы. 1933-жылдан макалалар ж-а материалдарды, рецензияларды жарыялайт. Тиражы 6000 (1978).

«СОВЕТСКАЯ ЖЕНЩИНА»—Сов. аялдар комитети м-н ВЦСПСтин иллюстрацияланган коомдук-саясий ж-а адабий-көркөм журналы. 1945-ж. Москвада негизделген. Адегенде эки айда бир чыкчу, 1954-жылдан ай сайын чыгат. Журнал орус, англис, немец, француз, испан, кытай, корей, япон, хинди, венгр, бенгал, араб ж-а вьетнам тилдеринде басылат. Анда сов. аялдардын турмушу, алардын коммунисттик курулуштагы эмгеги, аялдардын эл аралык демокр. күйлылы, сов. илимдин жетишкендиктери ж-дө жазылат, адабий-көркөм чыг-лар жарыяланат. Кулинария, косметика, кийим мад-ты ж. б. б-ча көңөш берет. Жалпы тиражы 1 млн 240 миң (1975).

«СОВЕТСКАЯ КИРГИЗИЯ» — газета, Кырг-н КП БКнын, Кыргыз ССР Жог. Совети м-н Мин. Советинин органы. 1925-ж. 23-марттан «Батрацкая правда», 1926-жылдан «Крестьянский путь», 1927-жылдан азыркы аты м-н жумасына 6 жолу Фрунзеде орусча чыгат. Газета респ-кадагы саясий-экон. өзгөрүүлөрдү чагылдырып, а. ч-ны коллективдештирүү, ө. ж-ды индустриялаштыруу, маданий рев-я мезгилинде, айрыкча Улуу Ата Мек. согуш жылдарында эмгекчилерди жооптуу милдетти орундатууга чакырган.

«С. К.» респ-када марксизм-ленинизм идеясын, илим м-н техниканын жетишкендиктерин жайылтып, калайыктын партия саясатын жүзөгө ашыруу күрөшүнө мобилизациялоодо ж-а эмгекчилерди соц. интернационализм, сов. патриотизм духунда тарбиялоодо. Газетанын ишине Кырг-н КП БКнын бюросу бекиткен редколлегия жетекчилик кылат. Редакциянда 10 бөлүм иштейт: парт. турмуш, пропаганда, сов. курулуш, ө. ж. ж-а транспорт, ад-т ж-а иск-во, а. ч., илим, мектеп ж-а жог. окуу жайлар ж. б. Жер-жерлерде өз кабарчылары, штаттан тышкары болумдөрү ж-а жумушчу-дыйкан кабарчылары бар. Газетанын биринчи редактору — П. В. Телегин; 1939—43-ж. В. П. Пяшкин, 1943—44-ж. О. В. Меерович, 1944—45-ж. Н. Л. Дубровский, 1945—46-ж. Г. В. Крейтин, 1946—52-ж. М. Г. Южаков, 1952—54-ж. И. Г. Кравченко, 1954—72-ж. П. С. Денисюк, 1972—74-ж. М. А. Кузичев, 1974—1979-ж. В. Г. Шепель, 1979-жылдын апрелинен В. Г. Лукьященко. Газета Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган (1961). Тиражы 110 миң (1978).

Ад.: Гурин В. Д., Зарождение советской печати в Киргизии, Фр., 1964.

«СОВЕТСКАЯ КУЛЬТУРА» — КПСС БКнын газетасы. 1973-ж. негизделген. Жумасына 2 жолу Москвада чыгат. Сегиз беттүү (1953—72-ж. ушул эле наамда СССР мад-т мин-восу м-н мад-т кызматкерлеринин профсоюзунун БКсынын органы болгон). «С. к.» коммунисттик маданий курулушта СССРдин жетишкен ийгиликтерин кабарлап турат, иск-водогу соц. реализм принциптерин пропагандалайт, маданий кубулуштарга субъективдүү мамиле кылууга, ыындуу идеялык-эстетикалык таасирлерге каршы күрөшөт. Газетанын негизги болумдөрү: мад-т кызматкерлерине коммунисттик тарбия берүү, театр ж-а кино, сүрөт өнөрү, музыка, хореография, телекөрсөтүү ж-а радио уктуруу, басма иштери ж-а полиграфия, чыгармачыл союздардын, маданий-агартуу мекемелеринин иштери ж. б. Тиражы 400 миң (1975).

«СОВЕТСКАЯ ПЕДАГОГИКА»—СССР ПИАнын ай сайын чыгуучу ил. теориялык журналы. 1937-жылдан Москвада чыгат (1943-жылга чейин РСФСР агартуу эл комиссариатынын, 1944—66-ж. РСФСР пед. ИАнын органы). Пед. илимнин маанилүү маселелерин ж-а методологиясын, коммунисттик таалим-тарбия ишин, элге билим берүү системасынын СССРде, чет мамлекеттерде өнүгүшүн чагылдырат. «С. п-да» философия, социология, психология, таалим-тарбия методикасы ж. б. б-ча макалалар басылат. «Окутуу жана тарбиялоо», «Партиялык окууга жардам», «Мектеп жана педагогика тарыхы» ж. б. рубрикалар бар. Тиражы 76060 (1979).

«СОВЕТСКАЯ РОССИЯ» — сов. жалпы саясий газета. 1956-жылдын 1-июлунан Москвада чыгат. 1966-жылдын апрелине чейин КПСС БКнын РСФСР Бюросунун ж-а РСФСР Мин. Советинин, кийин КПСС БКнын органы. 1974-жылдан КПСС БКнын, РСФСР Жог. Советинин ж-а Мин. Советинин органы катары жумасына 6 жолу чыгат. Газета окуучуларды СССРдеги ж-а чет өлкөлөрдөгү маанилүү окуялар м-н тааныштырып, РСФСРдеги парт. ж-а сов. курулуш, о. эле респ-каным экономикасы м-н мад-тынын өсүшү тууралуу ж. б. материалдарды, спорттук ж. б. кабарларды жарыялайт. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган (1976). Тиражы 3 млн (1978).

«СОВЕТСКАЯ ТЮРКОЛОГИЯ»— журнал, СССР ИА м-н Азерб. ССР ИАнын органы. Сов. түркологияны өнүктүрүү максатында СССР ИАнын Президиумунун токтомуна ылайык 1970-жылдан чыгат. Журналга түрк тилдеринин структурасы ж-а тарыхы, алардын өз ара карым-катышы, о. эле ад-т таануу ж-а фольклористика б-ча макалалар, ил. эмгектерге рецензиялар ж-а ил. сессия, конф-я, кецешмелер ж-дегү материалдар жарыяланат. «С. т.» жылына 6 жолу чыгат. Тиражы 3055 (1978).

«СОВЕТСКАЯ ЭНЦИКЛОПЕДИЯ» — СССРдеги ил. маалымдама (справкалык) ад-т чыгарчу при басма. СССРдин басма, полиграфия, китеп соода иштери б-ча мамл. комитетине карайт. Москва ш-нда. СССР БАКтын Комакадемиясынын карамагында БСЭнин (Большая советская энциклопедия) биринчи басылышын чыгарчу акционердик коом катары 1925-ж. түзүлгөн. 1963-жылга чейин ар башкача аталып келген. «С. э.» деп 1963-жылдан бери аталат. «С. э.» көп томдуу универсал ж-а тармактык энциклопедияларды, энциклопедиялык сөздүктөрдү, бир томдук энциклопедияларды, илимдин ар кайсы тармагы, техника, мад-т б-ча справочниктерди чыгарат. 1926—78-ж. «С. э.» басмасы жалпы тиражы 66,5 млн чамалуу 38 универсал, 104 тармактык энциклопедия чыгарган. Бир топ чет өлкө (ГДР, Улуу Британия ж. б.) ушул басма чыгарган «СССР» деген бир томдукту которуп басып чыгарды, Грецияда «Малая советская энциклопедия» (3-бас.) басылып чыкты, АКШ, Греция «Большая советская энциклопедияны» 3-басылышын (1973-жылдан) бут которууда. Басма Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган (1975).

«СОВЕТСКИЙ ПИСАТЕЛЬ» — СССР жаз. союзунун басмасы. 1934-ж. Москвада негизделген. Орус совет жазуучуларынын, о. эле СССРдин бардык башка респ-каларынын жазуучуларынын орус тилине которулган (котормо китеп басманын ар жылкы продукциясынын 40%тейин түзөт) китептерин басып чыгарат. М. Горький негиздеген «Акын китепканасынын» Чоң ж-а Кичине сериялары «С. п-дин» ишинде чоң орун ээлейт. Басманын Ленинградда бөлүмү бар. 1957-жылдан басмага СССР жаз. союзу бекиткен Башкарма жетекчилик кылат. 1978-ж. «С. п.» 407 наамдагы китеп ж-а китепче чыгарган.

«СОВЕТСКИЙ СОЮЗ» — ай сайын чыгуучу иллюстрацияланган коомдук-саясий журнал. 1930-ж. М. Горький негиздеген (1950-жылга чейин «СССР на стройке» аталган). Москвада 20 тилде басылат (1978). Журналда СССР элдеринин турмушу, сов. экономиканын, илимдин, техниканын, мад-ттын, иск-вонун жетишкендиктери ж-дегү документ фотографиялар, фотоочерктер, репортаждар, публ. макалалар негизги орун ээлейт. О. эле СССРдин тынчтыкчыл тышкы саясатынын фото жыл баянына да кол орун берилет, балдар жомоктору, чет өлкөлүк окурмандардын суроолорунун жооптор ж. б. материалдар жарыяланат. Журналды чет өлкөлөр да (130 дан ашуун) алат. Бардык тилдеги тиражы 1,3 млн (1975).

«СОВЕТСКИЙ СПОРТ» — күн сайын чыгуучу газета; СССР Мин. Советинин физ-ра ж-а спорт б-ча комитети м-н ВЦСПСтин органы. Москвада басылат. 1924-ж. негизделген сов. алгачкы спорттук газета—«Красный спорт» уландысы (1928—32-ж. чыккан эмес). 1946-жылдан «С. с.» деген наам м-н чыгат. «С. с.» физ-ра ж-а спорт боюнча өөрүтүүгө б-ча КПССтин көрсөтмелөрүн пропагандалайт, СССР ж-а чет эл спорту, сов. ж-а эл аралык спорт уюмдарынын иштери ж-дө жазат. «С. с-ту» 104 чет өлкө да алат. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган (1974). Тиражы 3900 миң (1975).

«СОВЕТСКИЙ ХУДОЖНИК» — СССР сүрөтчүлөр союзунун басмасы. 1969-ж. ушул эле наамдагы басманы кайра уюштуруу аркылуу Москвада негизделген. «С. х.» альбом, көркөм репродукция, открытка, иск-во б-ча китеп, каталог, буклет, сүрөт көргөзмөлөрүнө афиша чыгарат. Басма сөздүк респ-калардын иск-восуна байланыштуу альбомдорду, азыркы кездеги сүрөтчүлөрдүн альбом-монографияларын, совет иск-восунун проблемалары б-ча теориялык макалалар жыйнагын чыгарууга кецири орун берет. «С. х.» 1978-ж. 1583 наамдагы 15 китеп, 54 көркөм альбом, 7 ал жылдык, 467 открытка, 204 репродукция чыгарган.

«СОВЕТСКИЙ ЭКРАН» — эки жумада бир чыгуучу иллюстрациялуу журнал, СССР Мин. Советинин кинематография б-ча мамл. комитетинин ж-а СССР кинематографисттер союзунун органы. «Киногазетага» тиркеме претинде 1925-ж. Москвада негизделип, ар кандай наамда чыгып келген (1941—57-ж. чыккан эмес). 1957-жылдын январынан такай чыгат. «С. э.» кино өнөрүнүн теориясы б-ча макалалары, фильмге рецензиялар, актёрлор, режиссёрлор, операторлор жөнүндө чыг-лык портреттерди жарыялайт. Тиражы 2 млн-го жакын (1978).

«СОВЕТСКОЕ ГОСУДАРСТВО И ПРАВО» — ай сайын чыгуучу журнал, СССР ИАнын Мамлекет ж-а укук институтун органы. 1927-ж. «Революция права» деген ат м-н Москвада чыга баштаган. 1939-жылдан «С. г. и п.» Негизги мазмуну: соц. мамлекеттүүлүк, демократия, укук, закондуулук маселелеринин теориясы, закондуулукту, мамл. аппараттын түзүлүшүн ж-а иш методдорун жакшыртуунун ил. негиздерин иштеп чыгуу; чарба иштерин укук б-ча жөнгө салуу, айлана-чөйрөнү коргоо ж-а закон бузууларды жоюу чаралары б-ча сунуштар; мамлекет, сот, прокуратура, тергоо ж-а чарба органдарынын практикасын изилдөөнүн жыйынтыгын билдирүү; азыркы капит., боордош соц. ж-а өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн мамлекет ж-а укугун изилдөө, бурж. ж-а ревизионисттик саясий ж-а укук идеологиясы м-н күрөшүү ж. б. Тиражы 40 миңге жакын (1978).

«СОВЕТСКОЕ ЗДРАВООХРАНЕНИЕ» — СССР саламаттык сактоо мин-восунун ай сайын чыгуучу журналы. Москвада басылат (1942). Журналда социалдык гигиена ж-а калк саламаттыгынын маселелери, *саламаттык сактоону* башкаруу, анын экономикасы ж-а пландоосу, мед. мекемелерде эмгекти ил. негизде уюштуруу ж. б. маселелер жарыяланат. Саламаттык сактоо б-ча өткөн конф-я, съезддер ж-дө маалымат берилет. Тиражы 22 304 нуска (1979).

«СОВЕТСКОЕ РАДИО»—СССРдин басма, полиграфия ж-а китеп соода иштери б-ча мамл. комитетине караштуу борб. басма. Москвада, 1945-ж. негизделген. Радиоэлектроника, электрондук техника ж-а киберметика б-ча ад-ттарды (монографияларды, инженерлер үчүн китептерди ж-а справочниктерди, жог. ж-а атайын орто окуу жайлар үчүн окуу куралдарды, окурмандардын кецири чөйрөсүнө ылайыкталган ил.-популярдык ж-а өндүрүштүк-массалык китептерди) басып чыгарат. 1974-ж. басма 90 наамда тиражы 1498 миң китеп ж-а китепче чыгарган. «С. р-дон» «Зарубежная радиоэлектроника» (1947-жылдан) ж-а «Квантовая электроника» (1971-жылдан) ил.-тех. журналдары да чыгат.

СОВЕТТЕР (1905), Жумушчу депутаттар совети, Уполномочендер совети — Россиядагы жумушчу табынын иш таштоо күрөшүн жетектөө үчүн 1905—07-жылдардагы рев-ялын жүрүшүндө пайда болгон шайланма саясий уюмдар. Ага большевиктер башчылык кылган. С. куралдуу көтөрүлүштү жетектөөнүн органы болуп калган (мис., Москвада). 1905-ж. С. пролетариат ж-а дыйкандардын рев-ячыл-демокр. диктатурасынын түйүлдүгү, болочок Совет бийлигинин үлгүсү (прообразы) болгон, к. *Эл депутаттар совети.*

СОВЕТТЕРДИН БҮТКҮЛ КЫРГЫЗСТАНДЫК 4-СЪЕЗДИ — 1935-ж. январда Фрунзе ш-нда өткөн. 234 делегат чечүүчү, 45 делегат кецеш берүүчү добуш м-н катышкан. Съезд мал чарбасын жакшыртуу чараларын, маданий курулуш, саламаттык сактоо б-ча маселелерди, о. эле Жалал-Абад ж-а Каракол райаткомдорунун сов.-чарбалык ж-а маданий курулуш иштери б-ча отчётторун уккан. Съезддин делегаттары респ-канын а. ч-сын коллективдештирүүдөгү ири жетишкендиктер м-н бирге кас элементтердин кылмыштуу иштеринин натыйжасында малдын кескин азайганын, ө. жайындагы осуштордү ж-а маданий курулуштагы жетишкендиктерди белгилешкен. Съезд Кыргыз АССР БАКтын жаңы составын (124 мүчө ж-а 40 мүчөлүккө кандидат) шайлаган.

СОВЕТТЕРДИН БҮТКҮЛ РОССИЯЛЫК 1-СЪЕЗДИ, к. *Жумушчу жана солдат депутаттар советтеринин бүткүл россиялык биринчи съезди.*

СОВЕТТЕРДИН БҮТКҮЛ РОССИЯЛЫК 2-СЪЕЗДИ, к. *Жумушчу жана солдат депутаттар советтеринин бүткүл россиялык экинчи съезди.*

СОВЕТТЕРДИН БҮТКҮЛ РОССИЯЛЫК 3-СЪЕЗДИ 1918-ж. 10—18(23—31)-январда Петроградда өткөн. Күн тартиби: ББАК м-н ЭКСтин отчёту, *Эмгекчи жана эзилген элдердин укуктарынын декларациясын* бекитүү, согуш ж-а тынчтык ж-дө ж. б. Съезд Совет өкмөтүнүн саясатын жактырган. Декларация — көп улуттуу Совет мамлекетинин уюмдаштыруу принциптеринин негизин бекиткен. ББАКка РСФСРдин Конституциясынын негизги принциптерин иштеп чыгууну тапшырган. «Убактылуу жумушчу жана дыйкан өкмөтү» деген наамды жоюп, Совет өкмөтүнүн жаңы наамын («Россия Советтик Республикасынын Жумушчу жана Дыйкан өкмөтү») бекиткен.

СОВЕТТЕРДИН БҮТКҮЛ РОССИЯЛЫК 4-СЪЕЗДИ (чукул чакырылган) 1918-ж. 14—16-мартта Москвада өткөн. Съезд *Брест тынчтыгын* ратификациялоо ж-дегү маселени чечүү үчүн чакырылган. Ратификацияга «солчул» эсерлер, меньшевиктер, троцкийчилер каршы чыгып, добуш бергенден кийин «солчул» эсерлер ж-а «солчул коммунисттер» ЭКСтен чыктык деп жарыялаган. Съездде Украина БАКтын тынчтык келишимдин жактырган декларациясы маалымдалган. Съезд Сов. респ-каным борбору Петрограддан Москвага көчүрүүнү чечкен.

Ад.: Съезды Советов в документах. 1917—1936, т. 1, М., 1959.

СОВЕТТЕРДИН БҮТКҮЛ РОССИЯЛЫК 5-СЪЕЗДИ 1918-ж. 4—10-июлда Москвада өткөн. Күн тартиби: ББАК м-н ЭКСтин отчёту, азык-түлүк маселеси, РСФСРдин Конституциясы ж. б. 6—7-июлда «солчул» эсерлер Москвада антисов. көзгөлөң чыгарган. Съезд убактылуу токтотулуп, көзгөлөң басылгандан кийин 9-июлда ишин улантып, «солчул» эсерлерди Советтердин составынан чыгарган. Совет өкмөтүнүн ички ж-а тышкы саясатын, өкмөттүн азык-түлүк маселе ж-а регулярдуу Кызыл Армияны уюштуруу б-ча иш чараларын жактырган. Съезд 10-июлда сов. 1-конституцияны — РСФСР Конституциясын бекиткен.

СОВЕТТЕРДИН БҮТКҮЛ РОССИЯЛЫК 6-СЪЕЗДИ (чукул чакырылган) 1918-ж. 6—9-ноябрда Москвада өткөн. Күн тартиби: рев-яның 1 жылдыгы, эл аралык абал ж. б. Съезд эл аралык абал ж-дө рез-ята жумушчу-дыйкандарды соц. Ата Журтту коргоо үчүн жан аябоого чакырган. Россияга каршы согушун жаткан өлкөлөргө элдешүү ж-дө сүйлөшүүлөрдү баштоону сунуш кылган кайрылуу кабыл алган. Респ-каным бардык граждандарын ж-а Совет бийлигинин органдарын Совет мамлекетинин закондорун бекем сактоого чакырган. Съезд Совет бийлигин борбордо ж-а жер-жерлерде куруу ж-дө, кедейлер комитеттерин жөнүү ж-дө ж. б. токтомдорду кабыл алган.

Ад.: Съезды Советов в документах. 1917—1936, т. 1, М., 1959.

СОВЕТТЕРДИН БҮТКҮЛ РОССИЯЛЫК 7-СЪЕЗДИ 1919-ж. 5—9-декабрда Москвада өткөн. Күн тартиби: ББАК м-н ЭКСтин доклады, согуштук абал, Коммунисттик Интернационал ж-дө ж. б. Съезд Дон, Кубань, Урал ж. б. жерлердеги эмгекчи казактарды Сов. респ-каным душмандары м-н болгон активдүү күрөшкө кошулууга чакырган. Комитерндин түзүлүшүнүн эл аралык зор маанисин таанысган; сов. улут саясатынын принциптерин дагы бир жолу ырастаган; тынчтык ж-дө рез-я кабыл алып, тынчтык сүйлөшүүлөрдү баштоо ж-дө Англия, Франция, АКШнын өкмөтүнө кайрылган.

СОВЕТТЕРДИН БҮТКҮЛ РОССИЯЛЫК 8-СЪЕЗДИ 1920-ж. 22—29-декабрда Москвада өткөн. Күн тартиби: ички ж-а тышкы саясат, Россияны электрлештирүү, ө. ж-ды, транспортту калыбына келтирүү ж. б. Съезд өлкөнү электрлештирүүнүн ГОЭЛРО планын кабыл алган. Оор индустрияны, а. ч-ны өнүктүрүү ж-а чыдоо, сов. курулуш ж. б. маселелерди талкуулаган. Эмгек Кызыл Туу ордении түзүү ж-дө токтом кабыл алган. Эмгек ж-а коргоо совети (СТО) ж-дө жобону, РСФСР м-н УССРдин ортосунда жумушчу ж-а дыйкандардын союздук келишимин бекиткен. Съезд эл чарбасын калыбына келтирүүдө өлкөнүн эмгекчилерине бардык күчүн аябоого чакырган.

Ад.: Съезды Советов Союза ССР, союзных и автономных Советских Социалистических Республик. Сб. документов. 1917—1937, т. 1, М., 1959.

СОВЕТТЕРДИН БҮТКҮЛ РОССИЯЛЫК 9-СЪЕЗДИ 1921-ж. 23—28-декабрда Москвада өткөн. Күн тартиби: ББАК ж-а ЭКСтин отчёту, ачкачылыктагыларга жардам, жаңы экон. саясаттын жыйынтыгы, өлкөнү электрлештирүү (ЭКСтин сунушу б-ча киргизилген) ж. б. Съезд жаңы экон.

саясаттын алгачкы жыйынтыгын чыгарган, Совет өкмөтүнүн ички ж-а тышкы саясатын жактырып, өлкөнүн чарба курулушунун кезектеги милдеттерин белгилеген; РСФСРдин эл аралык абалы ж-дө Декларация кабыл алган.

Ад.: Съезды Советов Союза ССР, союзных и автономных Советских Социалистических Республик. Сб. документов. 1917—1937, т. 1, М., 1959.

СОВЕТТЕРДИН БҮТКҮЛ РОССИЯЛЫК 10-СЪЕЗДИ 1922-ж. 23—27-декабрда Москвада өткөн. РСФСРден 1727 делегат, УССР, БССР ж-а ЗСФСРден 488 урматтуу конок — алдыда болуучу *СССР Советтеринин 1-съездинин* делегаттары катышкан. Съездин парт. составы: РКП(б)нин мүчөсү ж-а кандидаты 2092, партияда жоктор 118, башка партия өкүлдөрү 5. Күн тартиби: ББАК м-н ЭКСтин респ-канын ички ж-а тышкы саясаты ж-дө отчёту; мамл. ө. ж-дын абалы ж-дө доклад; дыйканчылык, эл агартуу, финансы эл комиссариаттарынын докладдары; шартташкан Сов. респ-калардын Соц. Респ-калар Союзун түзүү ж-дөгү сунушу; ББАКты шайлоо. Съезд РСФСР өкмөтүнүн ички ж-а тышкы саясатын жактырган. Өлкөнүн чарб. ж-а саясий турмушундагы жаңы шартты эске алып, РСФСР, УССР, БССР ж-а ЗСФСРди СССРге бириктирүү ж-дө токтом кабыл алган. СССРди түзүү ж-дөгү Келишим м-н Декларациянын долбоорун иштеп чыгуу үчүн СССР Советтеринин 1-съездине делегация шайлаган. Съезд ө. ж-дын абалы, а. ч-ны чыңдоонун ж-а өнүктүрүүнүн иш-чаралары, а. ч. кооперацияларына көмөк көрсөтүү иштери тууралуу ж. б. токтомдорду кабыл алган. Биринчи жолу а. ч. көргөзмөсүн уюштуруу ж-дө чечим кабыл алып, эл агартуунун өнүктүрүү б-ча кеңири программаны белгилеген. Бюджет тартыштыгын жоюу б-ча чараларды иштеп чыгып, ачарчылыктын саркындылары м-н күрөшүүчү Борб. комиссиянын иши тууралуу токтом кабыл алган. Съезд составы 270 мүчөдөн ж-а 118 кандидаттан турган ББАКты шайлаган.

СОВЕТТЕРДИН БҮТКҮЛ РОССИЯЛЫК 11-СЪЕЗДИ 1924-ж. 19—29-январда Москвада өткөн. Күн тартиби: СССР Конституциясын кабыл алуу, сабатсыздыкты жоюу ж. б. Съезд В. И. Лениндин каза болгондугуна байланыштуу «Вардык эмгекчилерге» деген үндөө кабыл алып, өз ишин бир жумага токтоткон. 29-январда съезд СССР Конституциясын жактырып, РСФСР Конституциясына тиешелүү өзгөртүүлөр киргизүүнү ББАКка тапшырган.

СОВЕТТЕРДИН БҮТКҮЛ РОССИЯЛЫК 12-СЪЕЗДИ 1925-ж. 7—16-майда Москвада өткөн. Күн тартиби: РСФСР өкмөтүнүн доклады, РСФСР Конституциясынын текстин бекитүү, Түркстан АССРинин бөлүнүшү ж-дө ж. б. Съезддин бүт составы СССР Советтеринин 3-съездинин ишине катышып жатканына байланыштуу күн тартибиндеги кээ бир маселелер алынып ташталган. Съезд РСФСР Конституциясынын текстин бекиткен; дыйканчылык, саламаттык сактоо ж-а финансы эл комиссарларынын докладдары б-ча токтомдор кабыл алган, Түркстан АССРинин болүнүшүн бекиткен.

Ад.: Съезды Советов Союза ССР, союзных и автономных Советских Социалистических Республик. Сб. документов, т. 4, ч. 1, М., 1962.

СОВЕТТЕРДИН БҮТКҮЛ РОССИЯЛЫК 13-СЪЕЗДИ 1927-ж. 10—16-апрелде Москвада өткөн. Күн тартиби: РСФСР өкмөтүнүн доклады, Кара-Кыргыз АОсун Кыргыз АССРи деп кайра түзүү ж-дө ж. б. Съезд РСФСР өкмөтүнүн ишин жактырган, негизги көңүлдү РСФСРдин эл чарбасы м-н мад-тын өнүктүрүүнүн милдеттерине буруп, жетишкен ийгиликтерди белгилеген. РСФСР борб. статистика башкармасын түзүү ж-дө чечим кабыл алган. Өзгөчө акт м-н ББАКтын 3-сессиясынын (12-чакырылышынын) Кара Кыргыз АОсун Кыргыз АССРи деп кайра түзүү ж-дөгү токтомун бекиткен.

Ад.: Съезды Советов Союза ССР, союзных и автономных Советских Социалистических Республик. Сб. документов, т. 4, ч. 1, М., 1962.

СОВЕТТЕРДИН БҮТКҮЛ РОССИЯЛЫК 14-СЪЕЗДИ 1929-ж. 10—18-майда Москвада өткөн. Күн тартиби: РСФСР өкмөтүнүн доклады, РСФСР эл чарбасынын беш жылдык планы ж. б. Съезд РСФСР өкмөтүнүн ишин жактырган. РСФСР эл чарбасын өнүктүрүүнүн 1-беш жылдык планын (1929—33) кабыл алган. ББАКка айыл Советтери ж-дө Жобону кайра карап чыгууну тапшырган. Съезд РСФСР Конституциясына кээ бир өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу токтом кабыл алган.

СОВЕТТЕРДИН БҮТКҮЛ РОССИЯЛЫК 15-СЪЕЗДИ 1931-ж. 26-февралдан 5-мартка чейин Москвада өткөн. Күн тартиби: РСФСР өкмөтүнүн отчёту, РСФСР Конституциясына кээ бир өзгөртүүлөрдү киргизүү ж-дө ж. б. Съезд 1-беш жылдыктын 2 жылдык ишинин жыйынтыгын чыгарган, өкмөткө Кузнецк комур-металлургия базасынын курулушуна, колхоз кыймылын андан ары өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурууну эскерткен. РСФСР Конституциясына өзгөртүү киргизген. Сабатсыздыкты толук жоюу үчүн болгон күрөштү Совет бийлигинин күжүрмөн милдети катары кароону бардык сов. ж-а чарб. органдарга жүктөгөн.

Ад.: XV Всероссийский съезд Советов. Стенографический отчёт, М., 1931; Съезды Советов Союза ССР, союзных и автономных Советских Социалистических Республик. Сб. документов. 1917—1937, т. 4, ч. 1, М., 1962.

СОВЕТТЕРДИН БҮТКҮЛ РОССИЯЛЫК 16-СЪЕЗДИ 1935-ж. 15—23-январда Москвада өткөн. Күн тартиби: РСФСР өкмөтүнүн отчёту, Татар АССР БАКтын доклады ж. б. Съезд РСФСР өкмөтүнүн ишин жактырган, 2-беш жылдыктын толук аткарылышын камсыздоону өкмөткө милдеттендирген. Коммуналык чарба ж-а саламаттык сактоо б-ча конкреттүү программаны сунуш кылган. Татар АССРинин ийгиликтерин белгилеген. РСФСР Конституциясына кээ бир өзгөртүүлөрдү киргизген; Каракалпак, Мордва, Удмурт АОлорунун АССР болуп түзүлүшүн бекиткен.

СОВЕТТЕРДИН БҮТКҮЛ РОССИЯЛЫК 17-СЪЕЗДИ (чукул чакырылган) 1937-ж. 15—21-январда Москвада өткөн. Съезд 1936-ж. 5-декабрда бекитилген СССР Конституциясынын негизинде иштелип чыккан РСФСРдин жаңы Конституциясынын долбоорун кароо ж-а бекитүү үчүн чакырылган. 1937-ж. 21-январда РСФСРдин жаңы Конституциясын бекитип, аның негизинде РСФСР Жог. Советине шайлоо мөөнөтүн белгилөө ж-а шайлоо ж-дөгү жобону иштеп чыгуу токтомун кабыл алган.

СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН БААТЫРЫ — мамлекет алдында эрдиги үчүн берилчү жог. даражадагы ардактуу наам. СССР БАКтын 1934-ж. 16-апрелдеги токтому (СССР закондор жыйнагы, 1934, 168-ст., № 21) м-н бекитилген. Наамды СССР Жог. Советинин Президиуму берет. С. С. Б-на Ленин ордени, «Алтын Жылдыз» медалы ж-а СССР Жог. Советинин Президиумунун грамотасы тапшырылат. Бул наам биринчи жолу 1934-ж. «Челюскин» кемесинин экипажын сактап калган сов. учкучтар — М. В. Водопьянов, И. В. Доронин, Н. П. Каманин, С. А. Леваневский, А. В. Ляпидевский, В. С. Молоков ж-а М. Т. Слепнёвго берилген.

С. С. Б-нын жалпы саны 1971-ж. 12 447, анын ичинен Кырг-нда 1972-ж. 70 болгон. Бул наамды 2 жолу алгандар экинчи «Алтын Жылдыз» медалы м-н сыйланып, аның туулган жерине коло бюст, 3-жолу алгандарга Москва ш-на бюст коюлат. С. С. Б. наамын 4 жолу Г. К. Жуков, 3 жолу Л. И. Брежнев, С. М. Будённый, И. М. Кожедуб, А. И. Покрышкин алган.


Кырг-ндагы Советтер Союзунун Баатырлары: 1941. Н. Н. Дмитриев; 1942. Н. Я. Ананьев, Г. Е. Конкин, Е. К. Москаленко, И. В. Панфилов, Г. А. Петренко, Г. М. Шемякин, Д. Шопоков; 1943. С. Али-Назаров, Д. Асанов, В. Я. Беляндра, М. Ванахун, Г. И. Выглазов, Х. Г. Гадельшин, Т. Жумабаев, И. П. Красильников, А. А. Кривощеков, В. Г. Крикун, С. Лутфулин, И. С. Немцев, П. Ф. Николенко, Г. Ф. Пантелеев, В. П. Петрищев, И. С. Решетник, М. Г. Сапожников, П. С. Свечников, С. Э. Сущев, Ч. Тулобердиев, А. В. Фуковский; 1944. Р. Азимов, Ж. Асаналиев, Т. Я. Бегелдинов, А. И. Волковенко, И. А. Зверев, Е. Г. Курочкин, Е. К. Мазков, Е. Е. Михайленко, С. С. Овчаров, Е. Б. Пасько, И. С. Пономарёв, А. И. Романютин, Н. М. Рудь, М. Тешебаев, А. А

СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКАЛАР СОЮЗУНУН ГИМНИ

Тексти С. Михалков менен Г. Эль-Регистандыкы.


Музыкасы А. Александровдуку.

Текстти кыргызчага которгондор: Т. Аскаров, Ө. Жакишев, С. Жусуев, Ж. Садыков, Аалы Токомбаев, С. Эралиев.




Эркин республикалар бекем Союзун
Түбөлүк бириктирди Улуу Орус.
Жашасын элдердин эркинен түзүлгөн
Бирдиктүү, кубаттуу Советтик Союз!

Элдер достугунун ишенимдүү тиреги
Биздин эркин Мекен даңктанат.
Ленindик партия — элибиздин күчү,
Коммунизм жеңишине алпарат!




Добулду жарып азат күнү нур чачып,
Улуу Ленин бизге жарык жол берди.
Биздерди эмгек, эрдиктерге шыктантып,
Адилет ишке баштады элдерди!

Элдер достугунун ишенимдүү тиреги
Биздин эркин Мекен даңктанат.
Лениндик партия — элибиздин күчү,
Коммунизм жеңишине алпарат!



Коммунизм жаркыраган жеңишинен
Көрөбүз өлкөнүн келечеги кенен.
Даңктуу Ата Мекендин кызыл туусуна
Дайыма берилебиз жан-дил менен.



Элдер достугунун ишенимдүү тиреги
Биздин эркин Мекен даңктанат.
Лениндик партия — элибиздин күчү,
Коммунизм жеңишине алпарат!

Титов, Г. М. Тихонов, Л. И. Царенко, А. Чортеков, О. Якубов; 1945. М. Д. Афанасьев, М. И. Бабкин, Т. Я. Бегелдинов (экинчи жолу), И. Ф. Гавриш, И. А. Гришин, К. Жаркымбаев, В. М. Кайкин, Н. С. Калашников, П. Ф. Колесников, Н. П. Мирошниченко, А. Оторбаев, Д. И. Панфилов, Д. Н. Пичугин, К. Г. Роденко, С. Садыков, В. И. Сухов, С. З. Сухин, Т. О. Тайгараев, Е. В. Трясин, К. Үсөнбеков, А. М. Хименко, Б. И. Циндалис.

СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН ГИМНИ — СССРдин мамл. гимни (к. *Гимн*). СССР ЭКСтин 1944-жылдагы токтому м-н бекитилип, ошол жылдан аткарыла баштаган. Буга чейин Эл аралык пролетариаттын *«Интернационалы»* совет мамлекетинин гимни болгон. 1944-ж. СССРдин мамл. жаңы гимни кабыл алынып (тексти С. А. Михалков, Г. Эль-Регистандыкы, муз. А. В. Александровдуку), «Интернационал» парт. гими болуп калган. 1977-ж. 27-майда СССР Жог. Советинин Президиумунун Указы м-н СССРдин мамл. гимнинин тексти ж-а муз. редакциясы бекитилип, аны аткаруу 1977-ж. 1-сентябрдан киргизилген. Гимндин текстин кыргызчага Т. Аскаров, Ө. Жакишев, С. Жусуев, Ж. Садыков, Аалы Токомбаев, С. Эралиев которгон.

СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫ (КПСС) — СССРдин жумушчу табынын, колхоз дыйкандарынын ж-а интеллигенциясынын алдыңкы, аң-сезимдүү бөлүгүн ыктыярдуу бириктирген, совет элинин күчүрмөн, такшалган авангарды; коомдук-саясий уюмдун жог. формасы; совет коомунун жетекчи ж-а багыттоочу күчү; эл аралык коммунистик ж-а жумушчу кыймылынын ажырагыс, составдуу бөлүгү. В. И. Ленин тарабынан жумушчу табынын рев-ячыл, маркчыл партиясы катары 19-к-дын аягы — 20-к-дын башында негизделген. СССРде социализмдин толук ж-а биротоло жеңишинин натыйжасында жумушчу табынын партиясы бүткүл совет элинин партиясына айланды. Ал эмгекчилердин чарб. иштерин жетектейт ж-а алардын коммунизм үчүн күрөшүнө уюмдашкан, план чеңемдүү, ил. негизделген мүнөз берет. КПСС эл үчүн жашап, элге кызмат кылат. Сов. коомдогу жетекчилик ролун уюштуруу ж-а идеялык тарбия жолу м-н мамл. ж-а коомдук уюмдардын (совет, профсоюз, комсомол, кооперация ж. б.) системасы аркылуу ишке ашырат. Өз иштеринде *марксизм-ленинизм* окуусун, анын негизинде иштелип чыккан коммунисттик коомду курууда партия м-н элдин күрөшүнүн негизги милдеттерин ил. негизделген *Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Программасын* жетекчиликке алат. Парт. ички турмуш, лениндик уюмдаштыруу принциптери *Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Уставы* аркылуу жөнгө салынат. КПСС аймактык-өндүрүштүк принципте түзүлөт, аның негизи—*баштапкы партиялык уюм*. Партияның Программасы м-н Уставын тааныган, коммунизмдин курулушуна активдүү катышкан, баштапкы парт. уюмдардын биринде иштеген, партияның чечимдерин аткаруучу ж-а мүчөлүк акы төлөп туруучу Сов. Союз. ар бир гражданини КПССке мүчө болоалат. Жаңы мүчө кандидаттык стаждан өткөндөрдөн кабыл алынат. КПССтин активдүү жардамчысы ж-а резерви — *Бүткүл Союздук Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзу* (ВЛКСМ) КПССтин жетекчилиги м-н иштейт.

1978-ж. январда КПССтин катарындагы 16 359 870 коммунисттин 15 701 658си КПСС мүчөсү ж-а 658 212 си КПССке мүчөлүккө кандидат болгон. Алар 14 союздук респ-каның компартияларына, 6 крайлык, 148 обл., 10 округдук, 833 шаардык, 594 шаардагы р-ндук ж-а 2870 р-ндук комитетке, 398340 башташы парт. уюмга биригишкен. КПССтин составыныи 42,4% жумушчу, 13,4% колхозчу, 44,2% кызматчы. Коммунисттердин 65,3% жог., толук эмес жог. ж-а орто билимдүү. 168 547 коммунист илимд. кандидаты ж-а 21 511 коммунист илимд. доктору. Коммунисттердин 25,1% аял. КПССтин катарында СССРдеги бардык улуттардын ж-а элдердин өкүлдөрү бар. Партиялык ж-а сов. жетекчи кадрлар КПСС БКга караштуу *Коомдук илимдер академиясында, Жогорку партиялык мектепте*, сырттан окуучу Жогорку парт. мектепте окуйт. 1976-ж. 14 респ-калык ж-а область аралык жог. парт. мектеп, 9 сов.-парт. мектеп, парт. ж-а сов. кызматкерлерди кайра даярдан чыгаруучу 141 такай иштөөчү курс болгон. Бул окуу жайларды 1971—75-ж. 276 600 адам бүткөн. КПСС БКның органы—*«Правда»* газетасы. Саясий ж-а теориялык багыттагы *«Коммунист»* журналы чыгат. КПСС БКның карамагында «Правда», «Политиздат» («Саясий адабияттар басмасы») ар бир союздук респ-када КП БКлардын басмалары бар.

Партияның жог. органы — *КПССтин съезди*. Ал *КПСС Борбордук Комитетин* (КПСС БК), *КПСС Борбордук Текшерүү комиссиясын* шайлайт. *КПСС БКның пленуму* аралыгында *КПСС БКның саясий бюросун, КПСС БКның Секретариатын* ж-а КПСС БКның Ген. секретарын шайлайт. КПСС пролетардык интернационализм принциптерин жетекчиликке алып, бүткүл дүйнөдөгү коммунисттердин биримдигин чыңдоо үчүн күрөшөт (к. *Партиянын биримдиги*).

КПСС тарыхынын негизги этаптары. Большевиктер партиясынын түзүлүшү. Россиядагы маркчыл партия бай рев-ячыл традициянын мурасчысы болгон. Рев-ячыл демократтар ж-а утопиялык социалисттер (В. Г. *Белинский*, А. И. *Герцен*, Н. Г. *Чернышевский*, Н. А. *Добролюбов*) ж-а 19-к-дын 70-жылдарындагы рев-ячыл народниктер дыйкандар рев-ясы аркылуу жеке бийликти кулатып, Россия капитализмсиз эле социализмге өтөт деп эсептешкен (к. *Народниктер*). Россияда 19-к-дын 2-жарымында капитализмдин өнүгүшүнүн натыйжасында жумушчу ж-а буржуазия табы калыптанып, алардын ортосунда күрөш күчөгөн.

Жумушчулардын алдыңкы өкүлдөрү күрөштүн жаңы жолун (народниктердикинен башка) издей баштаган. Алар батыш европ. пролетариаттын, 1-Интернационалдын иштерин, Париж Коммунасынын тажрыйбасын үйрөнүшкөн, Маркс ж-а Энгельстин окуусу м-н таанышкан.

70-жылдары жумушчулардын алгачкы союзу пайда болгон. 1875-ж. Одессада «Жумушчулардын түштүк россиялык союзу» (жетекчиси Е. О. Заславский), 1878-ж. Петербургда «Орус жумушчуларынын түндүк союзу» (жетекчилери С. Н. Халтурин, В. П. Обнорский) түзүлгөн. 80-жылдары жумушчу кыймылы күчөп, 1883-ж. Г. В. Плеханов Женевада орустун туңгуч марксчыл уюмун — *«Эмгекти эркиндикке чыгаруу» тобун* уюштурган. 90-жылдардын ортосунда Россиядагы бошт. кыймылдын жаңы пролетардык этабы башталган. 1895-ж. В. И. Ленин бир топ марксчылар (Г. М. Кржижановский, В. В. Старков, Н. К. Крупская, Л. Мартов, жумушчулар И. В. Бабушкин, М. И. Калинин, В. А. Шелгунов ж. б.) м-н бирге *Петербургда «Жумушчу табын эркиндикке чыгаруу үчүн күрөш союзун»* түзгөн. Бул союз биринчи болуп социализмди жумушчу кыймылы м-н айкалыштырган. 1898-ж. Россияның 50-дөн ашык шаарында жашырын марксчыл уюм пайда болгон. Петербургдагы «Күрөш союзунун» демилгеси м-н 1898-ж. Минскиде *РСДРПнин 1-съезди* өткөн. Ал марксчыл жумушчу партиянын (РСДРП) түзүлгөндүгү ж-да чечим кабыл алган. Съездден кийин с.-д. уюмдар РСДРП комитеттери аталган. Бирок ич жүзүндө партия түзүлгөн эмес. С.-д. уюмдардын бирдиктүү программасы, уставы, тактикасы али жок эле. Кийин с.-д. топтор Волга боюнда, Украина, Белоруссия, Польша, Литва, 90-жылдардан Москва, Н. Новгород, Казан ж. б. шаларда түзүлгөн. 1883—94-ж. Россияда с.-д. кыймылдын башталышы, социал-демократияның теориясы м-н программасын чыңдоо мезгили болгон.

Россияда маркчык багыттын калыптанышы ж-а маркчык илимдин өнүгүшү В. И. Лениндин ысмына байланыштуу. В. И. Ленин сүргүндө жүргөндө эле жалпы орустук саясий газета аркылуу борбордошкон бирдиктүү маркчык партия түзүү планын иштеп чыгып, сүргүндөн келери м-н (1900) Плеханов ж-а аның тобу м-н бирдикте *«Искра»* газетасын уюштур-

ган. В. И. Ленинди жетекчилиги м-н «Искранын» редакциясы партиянын Программасынын ж-а Уставынын долбоорун иштеп чыгып, *«экономизмди»* идеялык жактан талкалап, партиянын жерг. комитеттерин марксизм принцибинде баш коштуруп, партиянын 2-съездин чакыруусу даярдаган. *РСДРПнин 2-съезди* (1903) партиянын Программасын ж-а Уставын кабыл алган. Талкуунун жүрүшүндө кара-каршылыктар күчөгөн. Съезд оппортунисттерге катуу сокку уруп, эл аралык соц. кыймылдын тарыхында пролетариат диктатурасы ж-дө маркстик программаны бекиткен. РСДРПнин 2-съездинен кийин Ленинди жактоочулар — большевиктер, Мартовду жактоочулар меньшевиктер деп аталып калган (к. *Большевизм, Меньшевизм*). Съезд жаңы типтеги пролетардык партияны — марксчыл большевиктер партиясын түзгөн. Съездден кийин партиянын бардык иштине меньшевиктер каршы чыгышкан. Ленин *«Бир кадам алга, эки кадам арка»* (1904) деген эмгегинде меньшевиктердин антипарт. иштеринин бетин ачып, парт. курулуштун үюмдаштыруу негиздерин иштеп чыккан. 1904-ж. Швейцарияда *жыйырма эки большевиктин кенешмеси* болуп, анда Ленин жазган «Партияга карата» кайрылуу кабыл алынган. 1904-ж. 3 областта (Түштүк, Кавказ ж-а Түндүктө) парт. конф-я болуп, алар Ленин баштаган *Көнчүлүк комитеттеринин бюросун* түзгөн. 1904-жылдан большевиктик *«Вперёд»* газетасы чыга баштаган. Плеханов меньшевиктик позицияга өткөндө «Искра» (52-санынан) меньшевиктердин органына айланган.

Большевиктер партиясынын падышалыкты кулатуу үчүн күрөшү. 1905-ж. Россияда биринчи бурж.-демокр. рев-я башталып, *РСДРПнин 3-съезди* (1905) рев-ядагы өзүнүн тактикасын иштеп чыккан ж-а Уставдын 1-параграфы Ленинди формулировкасы б-ча кабыл алынып, меньшевиктердин белүп-жаруучулук иши айыптаган. Съезд БКны шайлаган. «Пролетарий» газетасы партиянын борб. органы болгон. Ленин *«Социал-демократиянын демократиялык революциядагы эки тактикасы»* (1905) деген эмгегинде большевиктердин тактикасын теория жүзүндө негизден, меньшевиктердин тактикасын сынга алган, о. эле бурж.-демокр. рев-ядан соц. рев-яга өсүп чыгуу теориясын иштеп чыккан. *Октябрдагы Буткул россиялык саясий иш таштоо (1905)* бүткүл өлкөнү дүңгүрөтүп, көптөгөн шаарда Жумушчу депутаттарынын советтери пайда болгон. 1905-ж. Москва ж. б. шаарларда өткөн *Декабрь куралдуу көтөрүлүштөрү* рев-ялык жогорулаштын туу чокусу болгон. Мындай шартта РСДРП жикке бөлүнгөндүктөн большевиктик ж-а меньшевиктик комитеттер катар иш жүргүзгөн Рев-яга бирдиктүү жетекчиликтин зарылдыгынан партияны бириктирүүнү партиянын мүчөлөрү талап кылган. *РСДРПнин 4-(Бириктирме) съездинде* (1906) с.-д. улуттук үюмдар, большевиктер м-н меньшевиктер РСДРПге формалдуу бириккени м-н ар бири өз платформасын ж-а үюмдаштыруу эркиндигин сактап калган. *РСДРПнин 5-(Лондон) съезди* (1907) партияны лениндик принциптердин негизинде бириктирүү үчүн күрөштүн негизги этабын аныктап, башкы маселелер б-ча большевиктик чечимдерди кабыл алган.

1905—07-жылдардагы рев-яда жумушчу табынын маркспыл партиясы өзүнүн өзгөчө программасы, стратегиясы ж-а тактикасы м-н өз алдынча саясий күч катары чыккан. Рев-я жеңилгенден кийинки реакция жылдарында партия өзүнүн туруктуулугун ж-а үюмдашкандыгын көрсөткөн. Меньшевиктер рев-яның келечегине ишенбей, рев-ялык программа ж-а ураандардан баш тартып, парт. үюмдарды жоюуга аракеттенген. Алардын көбү *ликвидаторлор* позициясына өткөн. Большевиктерден *отзовистер* ж-а *ультиматумчулар* болүнүп чыккан. Ленин баштаган большевиктер аларга каршы күрөшүп, партияны сактап калуу үчүн эмгекчилер арасында саясий иштп (легалдуу ж-а легалсыз түрдө) күчөткөн. Легалдык үюмдар м-н байланышкан парт. комитеттер, парт. ячейкалар ири о. ж. борборлорунда, көптөгөн ишканада иш жүргүзгөн. Большевиктер идеол. фронтто да реакцияга каршы күрөшкөн. Мында В. И. Ленинди «Материализм жана эмпириокритицизм» (1909) деген эмгеги зор роль ойногон. Ленин 2-Интернационалдын Штутгарт (1907) ж-а Копенгаген (1910) конгресстерине катышып, оппортунизмге каршы солчул социал-демократияны бириктирген. *РСДРПнин буткул россиялык 6-(Прага) конференциясы (1912)* ликвидатор-меньшевиктерди партиядан чыгарып, РСДРПнин Ленин башында турган Борб. Комитетин шайлаган. Россиядагы парт. ишке жетекчилик кылуу үчүн РСДРП БКнын Орус бюросун түзгөн. Большевиктер партиясы 1910-ж. башталган рев-ячыл жаңы жогорулаш мезгилинде эмгекчилердин күрөшүн жетектеген. «Рабочая газета» (1910—12), «Звезда», өзгөчө «Правда» (1912) газеталары зор роль ойногон. *Биринчи дүйнөлүк согуш (1914—18)* рев-ялык жогорулашты үзгүлтүккө учуратқан. Батыш Европанын с.-д. партияларынын көпчүлүгү өз өлкөсүнүн импер. согуштарын жакташкан. 2-Интернационалдын жетекчилери да социализмге чыккынчылык кылып, *социал-шовинизм* жолуна түшкөн. Большевиктердин согуштагы саясаты м-н тактикасы Ленин жазган *РСДРП БКнын «Согуш жана россиялык социал-демократия» манифестинде* негизделген. Падышалыктын куугунтуктоосуна карабай большевиктер рев-ялык ишти улантып, солчул с.-д. интернационалчылар Ленинди айланасына бириге баштаган. Согуштун жүрүшүндө Россияда рев-ялык кризис жетилген. 1916-жылдагы рев-ялык кыргаалдан Россияда бурж.-демокр. Февраль рев-ясы (1917) чыккан. Натыйжада жеке бийлик кулатылып, өлкөдө *кош бийлик:* бурж. Убактылуу өкмөт м-н Жумушчу ж-а солдат депутаттарынын совети орногон. Россия респ-ка болуп жарыяланган. Бирок пролетариат м-н эмгекчилердин тилегин, максаттарын соц. рев-я гана чечмек.

Большевиктер партиясы—Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынын жеңишин уюштуруучу. Февраль рев-ясынын жүрүшүндө большевиктер партиясы подпольеден чыгып, эмгекчилердин, жумушчу табынын рев-ячыл күймылын жетектеген. Эмиграциядан келгенден кийин Ленин *Апрель тезистерин* жазып, анда бурж.-демокр. рев-ядан соц. рев-яга өтүү багытын белгилеген. *РСДРП(б)нин Буткул россиялык 7-(Апрель) конференциясы* (1917) Ленинди тезистерин жактырган ж-а партияны рев-ялын экинчи соц. этабына өтүүгө шыктандырган. Партия өзүнүн ички иштерин демокр. централизм принцибинде кайра курган. Соц. рев-яны даярдоо кезинде *Апрель кризиси (1917), Июнь кризиси (1917)* ж-а *Июль күндөру (1917),* коринловчуларды жоюу сыяктуу маанилүү окуялар болгон. Июль күндөрүнөн кийин бардык бийлик контррев-ячыл буржуазиянын колуна өтүп, рев-яның тынч жол м-н өтүшү мүмкүн болбой калган. Ленин «Бардык бийлик Советтерге!» деген ураанды убактылуу алып таштоону сунуш кылган. *РСДРП(б)нин 6-съезди* (1917) жарым-жартылай легалдык абалда өткөн. Съезд подпольедеги Ленинди жетекчилиги м-н партиянын жаңы тактикасын иштеп чыгып, куралдуу көтөрүлүш аркылуу бийликти алуу максатын койгон. Партия «Бардык бийлик Советтерге!» деген ураанды кайрадан күн тартибине киргизип, куралдуу көтөрүлүш аркылуу бурж. өкмөттү кулатып, пролетариат диктатурасын орнотуунун белгилеген. В. И. Ленин куралдуу көтөрүлүштүн планын иштеп чыккан. Куралдуу көтөрүлүшкө жетекчилик кылуу үчүн рев-ячыл борбор (А. С. Бубнов, Ф. Э. Дзержинский, Я. М. Свердлов, И. В. Сталин, М. С. Урицкий) шайланган. Көтөрүлүшкө В. И. Ленин түздөн түз жетекчилик кылган. 1917-ж. 25-октябрда (7-ноябрь) куралдуу көтөрүлүш Петроградда, 2(15)-ноябрда Москвада жеңип чыккан. 25-октябрдын кечинде *Жумушчу жана солдат депутаттар советинин Буткул россиялык 2-съезди* ачылган. Съезд борбордо ж-а жер жерлерде бийлик Советтерге өтсүн деген тарыхый чечим, Лениндин доклады б-ча *Тынчтык жөнүндөгү декретти* кабыл алып, В. И. Ленин башында турган Совет өкмөтүн — *Эл Комиссарлар Советин* түзгөн. Эл өлкөнү башкаруу ишин

большевиктер партиясына ишенип тапшырган. Кыска мөөнөттө (1917, окт.— 1918, февр.) Совет бийлиги өлкөнүн бардык жерлеринде орнотулган (к. *Совет бийлигинин салтанаттуу жүрүшү*). Улуу Окт. соц. рев-ясы адамзаттын тарыхында жаңы доорду — социализм м-н коммунизмдин салтанат куруу доорун ачкан.

Коммунисттик партия СССРде социализмди куруу үчүн күрөштө. Окт. рев-ясынын жеңишинин натыйжасында Россияда капиталисттер м-н помещиктердин бийлиги кулатылып, социалдык ж-а улуттук эзүү жоюлду, *пролетариат диктатурасы* формасында Совет бийлиги орноду. Жумушчу табы — үстөмдүк кылуучу тапка, коммунисттик партия жетекчи партияга айланды. Партиянын жетекчилиги м-н эски, бурж.-помещиктик мамл. аппарат талкаланып, анын ордуна жаңы — пролетардык мамл. аппарат орнотулду. Партиянын мүчөлөрү Совет өкмөтүнүн борб. ж-а жерг. үюмдарын жетектеди. Контррев-я ж-а саботаж м-н күрөшүү үчүн атайын орган — Буткүл россиялык атайын комиссия (ВЧК) түзүлгөн. 1918-ж. 15-январда Совет өкмөтү Сов. Куралдуу Күчтөрдү—Кызыл Армия м-н Флотту түзүүгө киришкен. В. И. Ленин кол коюп, 1917-ж. 2(15)-ноябрда жарыяланган *«Россия элдеринин укуктарынын декларациясы»* Россиянын бардык улуттарынын эркин өнүгүшүн ж-а толук тең укуктуулугун закон түрүндө белгилеген. *Советтердин Буткул россиялык 3-съезди (1918)* Ленин түзгөн *«Эмгекчи жана эзилген элдердин укуктарынын декларациясын»* кабыл алган. Съезд Россия Сов. Соц. Федерация Респ-касынын (РСФСР) түзүлгөнүн жарыялаган. *Советтердин Буткул россиялык 5-съезди (1918)* РСФСРдин туңгуч Конституциясын кабыл алган (к. *Советтик конституциялар*).

Партия «солчул коммунисттердин», оңчул ж-а солчул эсерлердин, троцкийчилер м-н меньшевиктердин каршылыгын басып, Совет өлкөсүн согуштан куткарган. *РСДРП(б)нин 7-съезди (1918)* Совет өкмөтү кол койгон *Брест тынчтыгын (1918)* жактырган; партиянын наамын — Россиялык Коммунисттик (большевиктер) партиясы [РКП(б)] деп өзгөрткөн. Партия алгачкы соц. чараларды ишке ашыра баштаган. Капит. мамлекетке таандык ишканалар ж-а банктар эл менчигине өтүп, завод-фабрикалар мамлекеттештирилген. Соц. экономиканын негиздерин В. И. Ленин *«Совет бийлигинин кезектеги милдеттери»* (1918) деген эмгегинде иштеп чыккан. Партия 1917-жылдан маданий рев-яны ишке ашыра баштаган. Лениндик улут саясатын ишке ашыруу б-ча зор иш жүргүзүп, өлкөдөгү көп улуттуу мамлекетти — автономия респ-ка, улуттук область ж-а округдарды түзгөн. РСФСРдин Улут эл комиссарында айрым маселелерди чечүү үчүн атайын орган — *РКП(б)-нин мусулман уюмдарынын борбордук бюросу,* жер жерлерде РКП(б) БКнын атайын өкүлдөрү [*РКП(б) БКнын Түркстан бюросу*] ж. б. түзүлгөн. Партия улуу державалык шовинизмге ж-а жерг. улутчулдукка каршы күрөшкөн. Биринчилер ажараган эзүүчү тап Сов. мамлекетти жок кылуу, эски тартипти калыбына келтирүү үчүн чет өлкөлүк капиталисттер м-н бирге 1918—20-ж. *Россиядагы граждандык согуш жана чет өлкөлүк интервенцияны* баштаган. Интервенттер м-н ак гвардиячылар 1918-жылдын жайында өлкөнүн төрттөн үч бөлүгүн басып алган. Партия Лениндин жетекчилиги м-н элди душманга каршы чыгууга чакырган. «Жумушчу ж-а дыйкан коргоо совети», шаар м-н армияны азык-түлүк м-н жабдуу үчүн азык-түлүк отряды түзүлгөн. Коммунисттик партиянын ж-а жумушчу, дыйкан жаштар союздарынын 1-съездинде (1918, 29-окт.—4-ноябрь) түзүлгөн Комсомолдун составынын жарымы фронтко жөнөтүлгөн. Алар Кызыл Армияның согуштук күч-кубатын арттырып, саясий тарбия беришкен, душман басып алган жерлерде парт. күймылды күчөтүшкөн. *РКП(б)нин 8-съезди (1919)* соц. курулушту ж-а душманды жеңүүнү уюштурууда чоң роль ойногон. В. И. Ленинди жетекчилиги м-н иштелип чыккан социализмди куруу программасы кабыл алынып, БКда Саясий бюро, Уюштуруу бюросу ж-а Секретариат түзүлгөн. 1919-ж. 12-апрелде Ленин «Чыгыш фронтундагы абалга байланыштуу РКП(б) БКнын тезистерин» жарыялаган. РКП(б) БК коммунист, комсомол, профсоюз мүчөлөрүн фронтко мобилизациялоо ж-дө чечим кабыл алган. Кызыл Армия Колчактын армиясына сокку уруп, Волганы, Уралды, Сибирди бошоткон. Партия 1919-ж. май ж-а октябрда Петроградга чабуул койгон генерал Юденичтин, 1920-жж. жазында Деникиндин армиясын талкалоого жетекчилик кылган. *РКП(б)нин 9-съезди (1920)* жаңы тыныгуу мезгилиндеги соц. курулуштун перспективаларын белгилеген. Бирок 1920-ж. апрелде Антанта колдогон бурж. Польша өкмөтү Совет өлкөсүнө кол салып, Крымдагы Врангелдин аскерлери баш көтөргөн. *Совет-Польша согушу* 1920-ж. октябрда элдешүү келишимин түзүү м-н аяктаган. Врангель аскерлери, Закавказье м-н О. Азиядагы чет өлкөлүк интервенциянын ж-а ички контррев-яның калдыктары жоюлган. Натыйжада Кавказда Азерб-н, Армян, Грузин сов. респ-калары, О. Азияда Хорезм ж-а Бухара сов. эл респ-калары түзүлгөн. В. И. Ленин, Компартия баштаган жаш Совет мамлекети дүйн. империализм м-н өкүрөштө жеңип чыкты. Граждсоктүү партия тарбиялаган көрүнүктүү кол башчылар — М. В. Фрунзе, В. К. Блюхер, С. М. Будённый, К. Е. Ворошилов, Г. И. Котовский, А. Я. Пархоменко, М. Н. Тухачевский, И. П. Уборевич, В. И. Чапаев, Н. А. Щорс, И. Э. Якир ж. б. чыккан. Армияда саясий жетекчилик иштп партияның көрүнүктүү ишмерлери — В. А. Антонов-Овсеенко, А. С. Бубнов, С. И. Гусев, Р. С. Землячка, С. М. Киров, Г. К. Орджоникидзе, А. Ф. Мясников, Г. И. Петровский, И. В. Сталин, С. В. Косиор, В. В. Куйбышев, А. И. Микоян ж. б. жүргүзүшкөн.

РКП(б) эл аралык коммунисттик ж-а жумушчу күймылынын авангардына айланган. Анын демилгеси м-н 1919-ж. Москвада Коммунисттик Интернационалдын 1-конгресси өтүп, Коминтернди түзүү ж-дө чечим кабыл алынган. В. И. Ленин баштаган РКП(б) маркстик-лениндик теориянын таза лыгы, эл аралык коммунисттик ж-а жумушчу күймылынын биримдиги үчүн оңчул оппортунизмге гана эмес, «солчул» уклондорго, догматизм м-н сектантчылыкка каршы күрөшкөн. Мында В. И. Ленинди Коминтерндин 2-конгресси (1920) башталарда жарыялаган *«Коммунизмдеги «солчулдукту» балалык оорусу»* деген эмгеги зор роль ойногон. Гражд. согуштан кийин өлкө өтө оор абалда калган. Ө. ж. талкаланып, а. ч. бүлүнгөн. Ө. ж-дын көптөгөн жумушчулары айыл-кыштактарга кетишкен. Жумушчулардын саны азайып, ал таптык мүнөзүн жогото баштаган. Дыйкандар азык-түлүк чачымына аараазы болуп, кээ бир жерлерде контрев-ячыл чыгуулар башталган (1921-жылдагы антоновчулар м-н Кронштадттагы козголоң, махновчулар м-н басмачылар). Эмгекчилердин күч-аракетин эл чарбасын калыбына келтирүүгө багыттоодо *Советтердин буткул россиялык 8-съезди (1920)* чоң роль ойногон. Ал эл чарбасынын абалын талкуулап, Россияны электрлештирүүнүн мамл. планын (ГОЭЛРО) бекиткен. Ленин ГОЭЛРОну Совет мамлекетинин биринчи перспективалуу планы, партиянын экинчи программасы деп атаган.

Партия өз ишин ж-а мамл., сов. уюмдардын, о. эле профсоюздун ишин тынч мезгилге ылайыкташтырып жатканда Троцкий партияга профсоюз ж-дөгү дискуссияны таңуулаган. Өтө курч мүнөздө өткөн бул дискуссияда лениндик платформа жеңип чыккан. Капитализмден социализмге өтүү жолун *РКП(б)нин 10-съезди* (1921) белгилеген. Ал Лениндин доклады б-ча согуш коммунизминен *жаңы экономика саясатына* (НЭП) өтүү ж-дө чечим кабыл алган. Съезд соц. курулушта пролетариат м-н дыйкандардын союзунун зарылдыгын, мамл., чарб. ж-а маданий турмушта партиянын чечүүчү ролун баса көрсөткөн. В. И. Ленин партиянын биримдигин көздөн каргындей сактап, болүнүп-жарылууга каршы аёосуз күрөш жүргүзүү керек деген. Съезд партияда жок массалар м-н партиянын эң тыгыз байланышта болушунун зарылдыгын көрсөтүп,

аларга жетекчилик кылуунун формалары м-н ыкмаларын белгилеген.

РКП(б)нин 11-съезди (1922) НЭП-тин негизинде жүргүзүлгөн соц. курулуштун биринчи жылынын жыйынтыгын чыгарган. Ленин НЭП социализм м-н капитализмдин ортосундагы айгышкан күрөш экенин, бирок экон. жактан артта калган Россияны жакы алдыкы соц. мамлекетке айландыруу үчүн бардык шарт бар экендигин көрсөтүп, партияны капит. элементтерге чабуул жасоо үчүн күчтөрдү кайрадан топтоого милдеттендирген. Съездден кийин өткөн БКнын пленумунда БКнын Ген. секретарлыгына И. В. Сталин шайланган. РКП(б) БКнын Октябрь (1922) пленуму Сов. реси-калар, анын ичинде РСФСР да тең укуктуулук негизде жакы мамлекетке — СССРге ыктыярдуу биригиши керек деген В. И. Лениндин сунушун кабыл алган. Украина, Белоруссия, Азерб-н, Армения ж-а Грузия компартияларынын БКларынын 1922-жылдын окт.— декабрында өткөн пленумдары СССРге биригүүнү кубаттаган. *СССР Советтеринин 1-съезди* (1922-ж., 30-дек.) СССРди түзүү жөнүндөгү Декларация м-н келишимди бекиткен. 1924-ж. 31-январда *СССР Советтеринин 2-съезди* СССРдин тунгуч Конституциясын кабыл алган. СССРдин түзүлүшү партиянын лениндик улут саясатынын салтанаты болгон. *РКП(б)нин 12-съезди* (1923) ө. ж-ды, а. ч-ны ж-а сооданы өнүктүрүү, парт. ж-а мамл. аппаратты жакшыртуунун, улут маселесин талкуулаган. 1923-ж. троцкийчилер партия ичинде күрөштү кайрадан баштаган. Алар партияда фракциялар м-н топтордун эркиндигин талап кылган. *РКП(б)нин 13-конференциясы, РКП(б)нин 13-съезди (1924)*, Коминтерндин 5-конгресси троцкизмди ленинизмден баш тартган майда бурж. уклон деп аныктаган. В. И. Лениндин 1924-ж. 21-январда дүйнөдөн кайткандыгына байланыштуу РКП(б) БКнын шашылыш чакырылган Пленуму «Партияга, бардык эмгекчилерге карата» үндөө кабыл алып, *партияга лениндик чакырык* жарыялагандан кийин РКП(б)нин катарына 240 миңден ашык алдыкы жумушчу кабыл алынган. Партиянын жетекчилиги м-н Совет өлкөсү, анын эл аралык аренадагы абалы чыцалган. 1920—25-ж. капит. өлкөлөрдүн көпчүлүгү СССРди таанып, дипл. ж-а соода мамилелерин түзгөн. *ВКП(б)нин 14-съезди (1925)* партиянын жаңы Уставын кабыл алып, РКП(б)нин атын Бүткүл союздук коммунисттик (большевиктер) партиясы [ВКП(б)] деп өзгөртүү ж-дө чечим чыгарган. *ВКП(б)нин 15-съезди (1927)* СССРдин эл чарбасын өнүктүрүүнүн 1-беш жылдык планын түзүү б-ча директива кабыл алып, а. ч-ны коллективдештирүү багытын иштеп чыккан. Съезд троцкийчил-зиновьевчил антипарт. блокту идеялык жактан талкалап, анын ленинизмден кол үзгөн, партия м-н совет өкмөтүнө каршы чыккан тап күрөшүнүн куралына айланганын белгилеп, блоктун, антипарт. топтордун көптөгөн мүчөлөрүн партиядан чыгарган. *ВКП(б)нин 16-конференциясы* (1929) СССРдин 1-беш жылдык планын (1929—32) кабыл алган. *ВКП(б)нин 16-съезди* (1930) социализмдин бардык фронт б-ча кеңири чабуул жасоо съезди болгон. *ВКП(б)-нин 17-съезди* (1934) 1-беш жылдык пландын жыйынтыгын чыгарып, СССРде эл чарбасын өнүктүрүүнүн 2-беш жылдык планын (1933—37) бекиткен. Партия ө. ж-да, а. ч-да массалык соц. мелдешти кеңири жайылткан. Соц. мелдештин жүрүшүндө эмгектин новаторлору чыккан (к. *Стахановдук кыймыл*). Соц. курулуштун жүрүшүндө улут маселеси ж-догу лениндик программа ойдогудай орундалган. 1936-ж. 5-декабрда *СССР Советтеринин чукул чакырылган 8-съезди* СССРдин экинчи Конституциясын кабыл алган. СССРде социализмдин жеңиши партия м-н элдин күжүрмөн эмгегинин натыйжасы, ленинизмдин салтанат курушу болуп саналат.

КПСС жеңген социализмди чыңдоо, өнүккөн социалисттик коомду куруу үчүн күрөштө. 1930-жылдын аягында СССР соц. коомду чыңдоо, бара-бара социализмден коммунизмге өтүү жолуна түшкөн. *ВКП(б)нин 18-съезди* (1939) СССР эл чарбасын өнүктүрүүнүн 3-беш жылдык планын (1938—42) бекитип, ВКП(б)нин Уставына өзгөртүүлөр киргизген. Согуш коркунучу күчөгөн кырдаалда партия коргонуу иштерин жөнгө салган. Авиация, курал-жарак, кеме куруу, ө. ж. эл комиссарлары түзүлүп, армиянын саны өскөн. Мамлекеттин коргонуу күч-кубатын чыңдоодо, ага ылайык соц. индустрияны өнүктүрүүдө *ВКП(б)нин Бүткүл союздук 18-конференциясынын (1941)* мааниси зор.

1941-ж. 22-июнда фаш. Германия СССРге капыстан кол салган. Компартия СССР элдерин Мекенди коргоо үчүн баскынчыларга каршы согушка чакырган (к. *Улуу Ата Мекендик согуш*).

Согуштун башталышында эле ВКП(б) БК бардык күчтү душман м-н күрөшүүгө мобилизациялоо программасын иштеп чыккан. 1941-ж. 30-июнда И. В. Сталин башында турган Мамл. коргоо комитети (ГКО) түзүлгөн. Партия өлкөнү бирдиктүү күжүрмөн лагерге айландыруу үчүн зор уюштуруучулук ж-а саясий иш жүргүзгөн. Куралдуу күчтөрдө парт. жетекчиликти жогорулатуу үчүн БК бир катар мүчөлөрүн ж-а мүчөлүккө кандидаттарын, парт. көрүнүктүү ишмерлерди фронтко жиберген. Партиянын жетекчилигин м-н парт. кыймыл жайылтылган. Партия ж-а Совет өкмөтү эң кыска мөөнөттө (1941, июль—ноябрь) 1360 ири ишкананы, 10 млн калкты чыгышка көчүргөн. Совет эли өтө оор кыйынчылыктарга карабастан фронтту керектүү продукция, курал-жарак м-н камсыз кылып турган. Көрүнүктүү парт. ишмерлер мамл., парт., сов. ж-а аскердик жетекчиликтин эң маанилүү участкаларында иштешкен. Партиянын уюштуруучулук ж-а саясий ишинин натыйжасында согуштун жүрүшүндө бурулуш болгон (аның негизги этаптары Москва, Сталинград, Курск салгылаштары). Сов. армияга партизандар зор жардам көрсөтүшкөн. 1943-ж. коммунисттердин жетекчилиги м-н партизандык кыймылга 1 млн-дон ашык адам катышкан. 1944-жылдын ортосунан Кызыл Армиянын Батыш Европадагы боштондукка чыгаруу жүрүшү башталган. Мында партия ж-а Совет өкмөтү европ. элдерди фаш. баскынчылардан куткаруу максатын көздөгөн. 1945-ж. 8-майда фаш. Германия, 1945-ж. 2-сентябрда импер. Япония биротоло багынып берүү жөнүндөгү актыга кол койгон. Советтер Союзу ж-а анын Куралдуу Күчтөрү фаш. Германия м-н импер. Японияны талкалоодо чечүүчү роль ойногон. Коммунисттик партия баштаган каарман совет эли Ата Мекенин коргоп, европ. элдерди фаш. кулдуктан, ал эми азия элдерин япон империалисттеринин эзүүсүнөн сактап калды. Совет мамлекетинин согуштагы жеңиши соц. курулуштун артыкчылыгын, совет коомунун саясий-идеялык биримдигин айкын көрсөттү. Улуу Ата Мек. согушта совет элинин, анын армиясынын жеңишинин шыктандыруучусу Коммунисттик партия болгон. Согуш мезгилинде 5 319 297 партиянын мүчөлүгүнө кандидат, 3 615 451 адам мүчөлүккө кабыл алынган. Партиянын мүчөлөрүнүн 60%тейи майданда салгылашкан. Сов. Союз. жеңиши дүйн. өнүгүүнүн жүрүшүнө таасир тийгизген. Европа м-н Азиядагы 11 мамлекет капит. системадан бөлүнүп чыгып, КПСС соц. лагерди түзүүгө ж-а чыңдоого, дүйн. соц. системаны уюштурууга зор салым кошту.

Согуштан кийин партия бардык күчтү эл чарбасын калыбына келтирүүгө багыттаган. 1946-ж. эл чарбасын калыбына келтирүүнүн ж-а өнүктүрүүнүн 4-беш жылдык планын (1946—50) кабыл алган. Совет эли КПССтин жетекчилиги м-н эң кыска мөөнөттө эл чарбасын калыбына келтирген. 1948-ж. СССРде ө. ж. өндүрүшүнүн көлөмү согушка чейинки деңгээлден ашып кеткен. *КПССтин 19-съезди* (1952) партиянын 13 жылдан ашык убакыттын ичиндеги саясий, чарб. ж-а маданий өнүгүшүнүн жыйынтыгын чыгарып, СССРдин эл чарбасын өнүктүрүүнүн 5-беш жылдык (1951—55) планынын директиваларын бекиткен. ВКП(б)ни Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы (КПСС) деп атоо ж-дө чечим кабыл алган. КПССтин Уставына өзгөртүүлөр киргизген. *КПССтин 20-съезди* (1956) 5-беш жылдык пландын жыйынтыгын чыгарып, эл чарбасын өнүктүрүүнүн 6-беш жылдык (1956—60) планын, Сталиндин керт башына сыйынуу

ж-а анын кесепеттерин жоюу ж-дөгү чечим кабыл алган. КПСС БК, жерг. парт. уюмдар парт. турмуштун лениндик нормаларын калыбына келтирүү, партиянын ички демократиясы м-н сов. демократияны күчөтүү б-ча иш-кердүү чараларды көргөн. КПСС дүйн. соц. системаны чыңдоого активдүү катышып, эл аралык коммунисттик ж-а жумушчу кыймылынын ар тараптан өнүгүшүнө көмөктөштү. 1957-ж. ноябрда Москвада өткөн соц. өлкөлөрдүн Коммунисттик ж-а жумушчу партияларынын өкүлдөрүнүн кеңешмесине 64 өлкөнүн өкүлдөрү катышкан. Кеңешме маркстик-лениндик партиялардын, дүйн. коммунисттик кыймылдын биримдигин көрсөтүп, дүйнө жүзүнүн рев-ялык процессинин өнүгүшүнүн негизги проблемалары б-ча Декларация кабыл алган. 64 өлкөнүн коммунисттик ж-а жумушчу партиясынын өкүлдөрүнүн кеңешмеси бул Декларацияны колдоп, тынчтык Манифестин кабыл алган. 1960-ж. ноябрда Москвада 81 өлкөнүн Коммунисттик ж-а жумушчу партияларынын өкүлдөрүнүн кеңешмеси болуп, бүткүл дүйнөнүн элдерине Билдирүү ж-а Кайрылуу кабыл алган. 50-жылдардын аягында социализмдин материалдык-тех. базасы чыңдалып, СССР элдеринин достугу, экономикасы ж-а мад-ты өнүккөн. Ушуларды жыйынтыктап келип *КПССтин 21-съезди* (1959) СССРде социализм толук ж-а биротоло жеңди деген корутунду чыгарган. СССРдин эл чарбасын өнүктүрүүнүн 7 жылдык планын (1959—65) бекиткен.

КПСС — СССРдеги өнүккөн социалисттик коомдун жетекчиси. Өлкөдө коммунисттик коомду куруу жолдорун *КПССтин 22-съезди* (1961) кабыл алган КПССтин Программасын (үчүнчү) белгилеген. Анда коммунизмди куруунун негизги милдеттери: коммунизмдин материалдык-тех. базасын түзүү, коммунисттик коомдук мамилелерди өнүктүрүү ж-а жаңы адамды тарбиялоо милдеттери көөлган. КПССтин жаңы Программасын жүзөгө ашыруу үчүн күрөш күчөгөн. Өлкөнүн экономикасынын жалпы өркүндөшү м-н катар кемчиликтер да кездешкен. КПСС БКнын Окт. пленуму (1964) экон. маселелерди чечүүдөгү субъективизм ж-а волюнтаризмдин бетин ачып, Н. С. Хрущёвдү КПСС БКнын Биринчи секретары, СССР Мин. Советинин Пред-ли милдеттеринен бошоткон. КПСС БКнын Биринчи секретарлыгына Л. И. Брежневди (1966-жылдан Ген. секретарь) шайлаган. СССР Мин. Советинин Пред-лдигине А. Н. Косыгин дайындалган. КПСС БКнын Март (1965) ж-а Июль (1970) пленумдары а. ч-н андан ары өнүктүрүүнүн кечиктирилгис чараларын белгилеген. КПСС БКнын Сент. пленуму (1965) ө. ж-ды башкаруунун жакшыртуу, пландаштыруунун өркүндөтүү ж-а ө. ж. өндүрүшүн экон. жактан стимулдаштыруунун күчөтүү ж-дөгү маселеси караган. *КПССтин 23-съезди* (1966) СССРдин эл чарбасын өнүктүрүүнүн 8-беш жылдык планын (1966—70) кабыл алган. Съезд идеол. иштерди күчөтүүгө, эмгекчилерди коммунисттик духта тарбиялоого айрыкча көңүл бурган. Партиянын Уставына кээ бир өзгөрүүлөр киргизилип, БКнын Президиумун БКнын Саясий бюросуна айландырган ж-а БКнын Ген. секретары деген наамды калыбына келтирген. Улуу Октябрдын 50 жылдыгы м-н В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгы партиянын, совет элинин, бүткүл прогрессчил адамзаттын өмүрүндөгү при окуялардан болгон. КПСС БКнын «Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 50 жылдыгы», «Владимир Ильич Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгы» тезистери жарыяланган. Бул документтер теориялык ж-а саясий зор мааниге ээ.

КПСС пролетардык интернационализм негизинде бардык коммунисттик ж-а жумушчу партиялар м-н байланышын кеңейткен ж-а чыңдаган. Коммунисттик ж-а жумушчу партияларынын Эл аралык кеңешмесинде (1969, ноябрь) активдүү катышкан. *КПССтин 24-съезди* (1971) дүйн. рев-ялык процесстин өнүгүшүнө, СССРдин эл аралык ж-а ички иштерине маркстик-лениндик анализ берип, элибиздин коммунисттик курулуштагы жетишкендиктери б-ча корутунду чыгарган. Съезд 9-беш жылдык план (1971—75) ж-дөгү Директиваны кабыл алып, Тынчтык программасын иштеп чыккан. 1972-ж. декабрда партия, совет эли, бүткүл прогрессчил адамзат СССРдин түзүлүшүнүн 50 жылдыгын салтанаттуу майрамдаган. Бул бүткүл элдик майрам лениндик улут саясатынын салтанатын көрсөткөн. *КПССтин 25-съезди* (1976) КПССтин ички ж-а тышкы саясатынын башкы багыттарын, өнүккөн соц. коомдун мезгилинде партиянын 10-беш жылдык планын ж-а келечектеги узак перспективага арналган экон. саясаттын принциптүү багытын белгиледи. «СССРдин эл чарбасын 1976—1980-ж. өнүктүрүүнүн негизги багыттары» кабыл алды. «Империализмдин жана реакциянын туткундарына эркиндик берилсин!» деген билдирүү жарыялады. КПСС БКнын Май пленуму (1977) КПСС БКнын Ген. секретары, Конституциялык комиссиянын пред-ли Л. И. Брежневди өзүнө «Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун Конституциясынын долбоору тууралуу» докладын угуп ж-а талкуулап, аны бүткүл элдик талкуууга койду. Пленум СССР мамл. гимнинин текстин м-н музыкамын редакциясын кабыл алып, аны СССР Жог. Советинин Президиумунун бекитүүсүнө берди. СССР Жог. Советинин 9-чакырылышынын кезексиз 7-сессияда Сов. Соц. Реси-калар Союзунун жаңы Конституциясын кабыл алды. Жаңы Конституцияда: «маркстик-лениндик илим менен куралданган Коммунисттик партия коомдун өнүгүшүнүн башкы перспективасын, СССРдин ички жана тышкы саясатынын багытын аныктайт, совет элинин улуу куруучулук ишмердигине жетекчилик кылат, анын коммунизмдин жеңиши үчүн күрөшүнө план чеңемдүү, илимий негизделген мүнөз берет. Бардык партиялык уюмдар СССР Конституциясынын чегинде иштейт» деп айтылып, анын ролу, коомдогу ээлеп турган орду такталган. КПСС — заманыбыздын акыл-ою, ар-намысы.

КПСС съезддери менен конференцияларынын өткөн мезгилдери.

РСДРПнин 1-съезди 1898-ж. 1—3(13—15)-март, Минск.
РСДРПнин 2-съезди 1903-ж. 17(30)-июль—10(23)-авг., Брюссель — Лондон.
РСДРПнин 3-съезди 1905-ж. 12—27-апр. (25-апр. — 10-май), Лондон.
РСДРПнин 1-конф-ясы 1905-ж. 12—17(25—30)-дек., Таммерфорс.
РСДРПнин 4-(Бириктирме) съезди 1906-ж. 10—25-апр. (23-апр.—8-май), Стокгольм.
РСДРПнин 2-(Биринчи бүткүл россиялык) конф-ясы 1906-ж. 3—7(16—20)-ноябрь, Таммерфорс.
РСДРПнин 5-(Лондон) съезди 1907-ж. 30-апр.—19-май (13-май—1-июнь), Лондон.
РСДРПнин 3-(Экинчи жалпы россиялык) конф-ясы 1907-ж. 21—23-июль (3—5-авг.), Котка (Финляндия).
РСДРПнин 4-(Үчүнчү жалпы россиялык) конф-ясы 1907-ж. 5—12 (18—25)-ноябрь, Гельсингфорс.
РСДРПнин 5-(Бүткүл россиялык) конф-ясы 1908-ж. 21—27-дек. (1909-ж., 3—9-янв.), Париж.
РСДРПнин бүткүл россиялык 6-(Прага) конф-ясы 1912-ж. 5—17(18—30-янв.), Прага.
РСДРП(б)нин бүткүл россиялык 7-(Апрель) конф-ясы 1917-ж. 24—29-апр. (7—12-май), Петроград.
РСДРП(б)нин 6-съезди 1917-ж. 26-июль—3-авг. (8—16-авг.), Петроград.
РКП(б)нин чукул чакырылган 7-съезди 1918-ж. 6—8-март, Петроград.
РКП(б)нин 8-съезди 1919-ж. 18—23-март, Москва.
РКП(б)нин бүткүл россиялык 8-конф-ясы 1919-ж. 2—4-дек., Москва.
РКП(б)нин 9-съезди 1920-ж. 29-март — 5-апр., Москва.
РКП(б)нин бүткүл россиялык 9-конф-ясы 1920-ж. 22—25-сент., Москва.
РКП(б)нин 10-съезди 1921-ж. 8—16-март, Москва.
РКП(б)нин бүткүл россиялык 10-конф-ясы 1921-ж. 26—28-май, Москва.
РКП(б)нин бүткүл россиялык 11-конф-ясы 1921-ж. 19—22-дек., Москва.
РКП(б)нин 11-съезди 1922-ж. 27-март — 2-апр., Москва.
РКП(б)нин бүткүл россиялык 12-конф-ясы 1922-ж. 4—7-авг., Москва.
РКП(б)нин 12-съезди 1923-ж. 17—25-апр., Москва.
РКП(б)нин 13-конф-ясы 1924-ж. 16—18-янв., Москва.
РКП(б)нин 13-съезди 1924-ж. 23—31-май, Москва.
РКП(б)нин 14-конф-ясы 1925-ж. 27—29-апр., Москва.
РКП(б)нин 14-съезди 1925-ж., 18—31-дек., Москва.
ВКП(б)нин 15-конф-ясы 1926-ж. 26-окт.—3-нояб., Москва.
ВКП(б)нин 15-съезди 1927-ж. 2—19-дек., Москва.
ВКП(б)нин 16-конф-ясы 1929-ж. 23—29-апр., Москва.
ВКП(б)нин 16-съезди 1930-ж. 26-июнь — 13-июль, Москва.
ВКП(б)нин 17-конф-ясы 1932-ж. 30-янв.—4-февр., Москва.
ВКП(б)нин 17-съезди 1934-ж. 26-янв. — 10-февр., Москва.

ВКП(б)нин 18-съезди 1939-ж. 10—21-март, Москва.
ВКП(б)нин 18-конф-лсы 1941-ж. 15—20-февр., Москва.
КПССтин 19-съезди 1952-ж. 5—14-окт., Москва.
КПССтин 20-съезди 1956-ж. 14—25-февр., Москва.
КПССтин кезексиз 21-съезди 1959-ж. 27-янв. — 5-февр., Москва.
КПССтин 22-съезди 1961-ж. 17—31-окт., Москва.
КПССтин 23-съезди 1966-ж. 29-март — 8-апр., Москва.
КПССтин 24-съезди 1971-ж. 30-март — 9-апр., Москва.
КПССтин 25-съезди 1976-ж. 24-февр. — 5-март, Москва.

КПССтин сан жагынан өсүшү

Жыл	КПСС мүчөлөрү	КПССтин мүчөлүгүнө кандидаттар	Бардык коммунисттер
1917*	350 000	болгон эмес	350 000
1927	786 288	426 217	1 212 505
1937	1 453 828	527 869	1 981 697
1941	2 490 479	1 381 986	3 872 465
1945	3 965 530	1 794 839	5 760 369
1950	5 510 787	829 396	6 340 183
1955	6 610 238	346 867	6 957 105
1960	8 017 249	691 418	8 708 667
1965	10 811 443	946 726	11 758 169
1970	13 395 253	616 531	14 011 784
1972	14 109 432	521 857	14 631 289
1973	14 330 525	490 506	14 821 031
1974	14 493 524	532 391	15 025 915
1975	14 719 062	575 741	15 294 803
1976	15 058 017	636 170	15 694 187
1977	15 365 600	628 876	15 994 476
1978	15 701 658	658 212	16 359 870

* Октябрь

Ад.: Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 1—45-т., Фр., 1952—70; КПСС съездердин, конференциялардын жана БКнын пленумдарынын резолюцияларында ж-а чечимдеринде, 1—3-т., Фр., 1956—63; Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын тарыхы, Фр., 1971; Брежнев Л. И., Ленинди жол менен, 1—2-т., Фр., 1971; КПССтин XXV съездинин материалдары, Фр., 1977; Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Программасы, Фр., 1972; КПСС, Справочник. Фр., 1973; КПСС о комсомоле и молодёжи (1917—1961). (Сб. документов), 3 изд., М., 1962; КПСС о профсоюзах, т. 1—2, М., 1957—63; КПСС о Вооружённых Силах Советского Союза. Документы. 1917—1968, М., 1969; Коммунистическая партия в Великой Отечественной войне (июнь 1941—1945). Документы и материалы, М., 1970; История Коммунистической партии Советского Союза, т. 1—5, М., 1964—70; Справочник партийного работника, М., 1977; о. эле КПССтин съездеринде ж-а конф-ялары, марксизм-ленинизмдин маанилүү проблемалары ж-а союздук республикалар (КП тарыхы болумү) жөнүндөгү макалалардагы адабияттарды караңыз.

СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫНЫН ПРОГРАММАСЫ — партиянын түпкү максатын ж-а белгилүү бир тарыхый мезгилдеги өтө маанилүү милдеттерин өз ичине камтыган негизги теориялык документи; съезд тарабынан кабыл алынат. Ил. коммунизмдин биринчи программалык документи К. Маркс м-н Ф. Энгельс жазган *«Коммунисттик партиянын манифести»* болгон. Программа партиянын мүчөлөрүн идеялык жактан бир уюмга бекем бириктирет. Ал бардык коммунисттер ж-а парт. уюмдар үчүн милдеттүү. КПСС өзүнүн тарыхында үч программа кабыл алган: 1) бурж.-демокр. ж-а соц. рев-янын жеңиши үчүн күрөш мезгилиндеги программа; 2) социализмди куруунун мезгилиндеги программа; 3) коммунизмдин программасы.

Биринчи программа В. И. Лениндин түздөн түз катышуусу ж-а жетекчилиги м-н иштелип чыгып, 1903-ж. РСДРПнин 2-съездинде кабыл алынган (к. *РСДРПнин максимум программасы, РСДРПнин минимум программасы).* Партия биринчи программанын туусу астында Россиянын жумушчу табын ж-а эмгекчи массаларын баш коштуруп, 1917-ж. февралда падышачылыкты кулаткан. Февраль бурж.-демокр. рев-ясы жумушчу табынын бийликти жеңип алуусуна жол ачкан. 1917-жылдын октябрында большевиктер партиясынын жетекчилиги м-н жумушчулардын, дыйкандардын, солдаттардын ж-а матростордун куралдуу көтөрүлүшүнүн натыйжасында биздин өлкөдө соц. рев-я жеңип, *пролетариат диктатурасынын* дүйнөдөгү биринчи мамлекети түзүлгөн.

Экинчи программа 1919-ж., *РКП(б)нин 8-съездинде* кабыл алынган. Анда тарыхта биринчи жолу соц. коомду куруу күндөлүк милдет катары коюлган, партиянын капитализмден социализмге өтүү мезгилиндеги башкы багыты белгиленген. Программада өлкөнүн экон. ж-а маданий жактан артта калышын жоюу, соц. индустриялаштыруу, а. ч-ны кайра куруу ишке ашыруу каралган. Совет эли Коммунисттик партиянын жетекчилиги м-н тарыхый кыска мөөнөттө социализмди куруунун лениндик планын жүзөгө ашырды. Партиянын экинчи программасын жүйөлүктүү аткаруунун натыйжасында биздин өлкө кубаттуу, индустриялуу, колхоздук соц. державага айланды. СССРде дүйнөдө биринчи жолу соц. коом курулду.

Үчүнчү программа 1961-ж. *КПССтин 22-съездинде* кабыл алынган. Анда дүйн. коомдук өнүгүштөгү негизги өзгөрүштөр, СССРдеги соц. курулуштун, эл аралык жумушчу ж-а улуттук-бошт. кыймылдын тажрыйбасы эске алынган. Программа киришөз ж-а негизги эки бөлүктөн турат. Киришөздө капитализмден социализмге өтүү дооруна мүнөздөмө берилген. Программанын биринчи бөлүгүндө капитализмден социализмге өтүүнүн тарыхый зарылдыгы теориялык жактан негизделген. Жумушчу табынын эл аралык рев-ячыл кыймылына, улуттук-бошт. кыймылга мүнөздөмө берилген. Эл аралык мамлекетер б-ча СССРде коммунизмди куруу ж-а дүйн. соц. системаны өнүктүрүү үчүн тынчтык шарттарды камсыз кылуу негизги максат катары коюлган. Бурж. ж-а реформисттик идеологияга каршы күрөшүүдө КПССтин милдеттери белгиленген. Программанын экинчи бөлүгү коммунисттик коомду куруу б-ча КПССтин милдеттерине арналган. Анда коммунизмге аныктама берилген. Социализмден коммунизмге өтүү коммунизмдин материалдык-тех. базасын түзүүнү, соц. коомдук мамилелерди коммунисттик коомдук мамилелерге айландыруу, телегейи тегиз өскөн адамдын калыптанышын талап кылат. Коммунизмди куруунун жүрүшүндө таптардын, шаар м-н кыштактын, акыл эмгеги м-н күч эмгегинин ортосундагы орчундуу айырмачылыктар бара-бара жоюлат деп айтылган (к. *Коммунизм*). Программада коомдун саясий уюмдарына мүнөздөмө берилген. Пролетариат диктатурасы мамлекетинин жалпы элдик мамлекетке өсүп чыгышы, бара-бара коомдун өзүн өзү башкарууга өтүүсү ж-дө жоболор пл. жактан негизделген. Жалпы элдик уюм катары мамлекет коммунизм толук жеңгенге чейин сакталары көрсөтүлгөн. Элдин материалдык жыргалчылыгын жогорулатуу, улуттук мамилелер жагынан партиянын милдеттери аныкталган. *Коммунизм куруучусунун моралдык кодекси* белгиленген, коммунисттик ак-сезимдүүлүккө тарбиялоо, элге билим берүү, илим, маданий курулуш, ад-т ж-а иск-во б-ча партиянын милдеттери аныкталган. КПСС үчүнчү программаны аткаруу м-н өзүнүн иш методдорун дайыма жакшыртууда. Программада белгиленген башкы багыт КПССтин 23, 24, 25-съезддеринде андан ары өркүндөтүлгөн.

Ад.: Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Программасы, Фр., 1972; КПССтин XXV съездинин материалдары, Фр., 1977; Партиянын 2-съездинде кабыл алынган Россиялык социал-демократиялык жумушчу партиясынын программасы, к-пте: КПСС съезддердин, конференциялардын жана БКнын пленумдарынын резолюцияларында жана чечимдеринде, 1-бөлүк, Фр., 1956; Россиялык Коммунисттик (большевиктер) партиясынын программасы, ошондо; Сикорский В. М., XXII съезд КПСС. Новая программа партии, М., 1968; Касрадзе К. М., Очерк истории программы КПСС, М., 1962.

СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫНЫН УСТАВЫ — парт. турмуштун негизги документи, КПССтин түзүлүшүнүн уюмдаштыруу принциптеринин жыйындысы. В. И. Ленин иштеп чыккан ж-а КПССтин съезддер м-н конф-ялары-нын чечимдеринде өнүктүрүлгөн. Сов. коомдо партиянын орду м-н ролун, аның структурасы м-н ички тартибин, практикалык иш ыкмаларын белгилейт. КПССтин съездинде кабыл алынып, партияның Программасын, саясатын ж-а чечимдерин ишке ашырууда кызмат кылат, бардык парт. уюм м-н партия мүчөлөрү үчүн милдеттүү.

Биринчи устав *РСДРПнин 2-съездинде* (1903) кабыл алынган. Партияның милдеттеринин өзгөрүшүнө байланыштуу Уставдын көп бир пункту ж-а параграфы [Октябрга чейин партияның 3—6-съезддеринде ж-а 6-конф-ясында, Окт. рев-ясынан кийин РКП(б)нин 8, 12-конф-яларында, партияның 14—20, 22—24-съезддеринде] өндөлгөн ж-а толукталган. КПССтин 22-съездинде кабыл алынып, 23—24-съезддеринде өндөөлөр ж-а толуктоолор киргизилген Устав 10 бөлүм, 72 параграфтан турат. Анда бүт совет элинин күжүрмөн авангарды болгон КПССке аныктама берилген. Коммунизмдин курулушуна активдүү катышкан, партияның Программасын ж-а Уставын тааныган, парт. уюмдардын биринде иштеген, партиянын чечимдерин аткарган ж-а мүчөлүк акыны убагында төлөп турган СССРдин ар бир гражданы КПССке мүчө боло алат. Устав коммунисттердин укугу м-н милдетин белгилейт. Устав 5-ча КПССтин мүчөлүгүнө 1 жыл кандидаттык стаж өтөгөндөр кабыл алынат. 18—23 жаштагылар ЛКЖС аркылуу өтөт. КПССтин турмушунда идеялык ж-а уюмдук биримдик, аның катарынын монолиттүүлүгү бузулгус закон болуп эсептелет (к. *Партияның биримдиги).* Партияның уюмдаштыруу түзүлүшүн жетектөө принциби — *демократиялык централизм.* Устав *партиялык ички демократияның* принциптерин ыраатуулук м-н жүргүзөт; ушунун негизинде гана *партиялык тартиптин* чыңдалышы, *сын жана өзүн өзү сындоонун* кеңири жайылышы мүмкүн.

Уставда парт. жетекчиликтин жог. принциби — аның коллективдүүлүгү (к. *Партиялык жетекчиликтин коллективдүүлүгү)* ж-а ал парт. уюмдардын ишинин нормалдуулугун, коммунисттердин активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн милдеттүү шарты деп айтылат.

Партия аймактык-өндүрүштүк принципте түзүлөт. КПССтин жог. органы — *КПССтин съезди.* Анда *КПСС Борбордук Комитети* (БК) ж-а *КПССтин Борбордук текшерүү комиссиясы* шайланат. Съезд 5 жылда бир чакырылат. Аның аралыгында партиянын бардык ишине КПСС БК жетекчилик кылат. Ал *КПСС БКнын пленуму* аралыгында партияның ишине жетекчилик кылуу үчүн *КПСС БКнын Саясий бюросун,* күндөлүк иштерге, кадрларды тандоо ж-а чечимдердин аткарылышын текшерүү үчүн *КПСС БКнын Секретариатын,* КПСС БКнын Ген. секретарын шайлайт; *КПСС БКнын Партиялык контроль комитетин* уюштурат. Устав партияның респ-калык, крайлык, округдук, шаардык, райондук ж-а баштапкы уюмдарының түзүлүшүн, милдетин белгилейт. КПССтин негизги — *баштапкы партиялык уюм.* Уставда КПСС м-н ЛКЖСтин ортосундагы карым-катнаш, Сов. Армиядагы парт. уюмдар ж-дө жобо аныкталган. КПССтин Уставынын боордош маркстик-лениндик партиялар үчүн да мааниси зор.

Ад.: Ленин В. И., Об уставе партии, М., 1968; Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Уставы, Фр., 1976; КПСС в резолюциях и решениях съездов, конференций и пленумов ЦК, 8 изд., т. 1—10, М., 1970—72.

СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН МАРШАЛЫ — Сов. Куралдуу Күчтөрдөгү аскердик наам. СССР БАКтын ж-а ЭКСтин 1935-ж. 22-сентябрдагы токтому м-н киргизилген. СССР Жог. Советинин Президиуму аскердик жетектөө ишиндеги зор салымы үчүн жекече кыйгарат. АДФте С. С. М. наамына Сов. Союз. Флот Адмиралы деген наам дал келет.

СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН ТЕЛЕГРАФ АГЕНТСТВОСУ (ТАСС) — СССР Мин. Советине караштуу союздук-респ-калык маанидеги информ. орган. СССРдин мамл. комитеттериникиндей укук берилген. В. И. Ленин кол койгон декретке ылайык 1917-ж. 1-декабрда Петроград телеграф агентствосунун (ПТА) базасында борб. информ. орган катары түзүлгөн. 1918-ж. 7-сентябрда *Россия телеграф агентствосу* (РОСТА) деп аталган. Информ. иштин максатына ж-а милдетине ылайык СССР БАКтын токтому м-н 1925-жылдын 10-июлунда бул агентство ТАСС болуп уюшулган.

ТАССка КПССтин ж-а Совет мамлекетинин ички ж-а тышкы саясатын кеңири маалымдоо, биздин өлкөдө коммунизмди куруунун зор жетишкендиктерин, ил.-тех. прогресстин өнүгүшүн дароо кабардоо милдети тагылган. ТАССтын билдирүүлөрүн 75 чет өлкөнүн 300дөн ашык агентствосу, газета-журнал редакциялары, телекөрсөтүү ж-а радио уктуруу компаниялары алып турат. Кабарларын орус, англис, француз, испан, немец, араб тилдеринде таратат. 100дөн ашык өлкөдө ТАССтын бөлүмдөрү ж-а кабарчы бюролору бар. Келишимдердин негизинде ТАСС чет өлкөлүк информ. агентстволорунун кабарларын да пайдаланат. Биздин өлкөдө ТАССтын кабарларын газета-журналдар, радио, телекөрсөтүү комитеттери ж-а башкармалары, китеп басмалары, мамл. мекемелер, коомдук уюмдар алат.

ТАСС союздук респ-калардын информ. агентстволорунун ишине жетекчилик кылат, өлкөдө ж-а чет мамлекеттерде иштеген кабарчылардын кесиптик чеберчилигин өркүндөтүү максатында көп сандаган уюштуруу иштерин жүзөгө ашырат, ишинде информацияны ж-а фотоинформацияны кабыл алуучу ж-а берүүчү аппаратурадын өркүндөгөн эң соңку түрлөрүн, телетайпты, фототелеграфты пайдаланат. 1975-ж. ТАСС Октябрь Революциясы ордени м-н сыйланган.

СОВЕТТИК АППАРАТКА ЖЕРГИЛИКТҮҮ УЛУТТАРДЫ ТАРТУУ — Советтерди массага жакындаштыруу формаларынын бири. Мамл. аппараттын жерг. улуттук кадрлар м-н толуктап, өндүрүш (контора) иштерин жерг. элдин тилинде жүргүзүү, эмгекчилердин мамлекет м-н болгон байланышын чыңдап, аларды бийликке тартуу максатын көздөгөн. 1923-ж. 5-январда Түркстан АССР Советтеринин Борб. Аткомунун бардык айылдык, болуштук бийлик органдарында иш жүргүзүүнү жерг. тилде өткөрүү ж-дө чечими чыгарылып, ал эми уездик, обл., крайлык бийлик органдарына жерг. элдин тилин билген кызматкерлерди тартуу белгиленген. 1925-ж. 12-декабрда «Түркстан республикасында өндүрүш (контора) иштерин жергиликтүү тилдерге которууну тездетүү чаралары жөнүндө» РСФСР ЭКС м-н ББАКтын токтому кабыл алынган. Аны жүзөгө ашыруу б-ча борб. комиссиялар (Кыргыз АОдо 1925-ж.) түзүлгөн. 1923-ж. Кырг-ндын түштүгүндө иш жүргүзүү кыргыз тилине өткөрүлгөн. Ош, Пишпек (азыркы Фрунзе), Караколдо орус калкын жерг. тилге үйрөтүү курстары, ВКП(б)нин кыргыз өбкомунун сов.-парт. ж-а котормочулар мектептери (2 жылдык, 1927) жумушчу ф-теттери ж. б. ачылган. 1927-жылдын аягында респ-калык жерг. аппараттарда улуттук кадрлар 27—30%ке жетип, эмгекчи масса мамлекетти башкарууга кеңири тартыла баштаган.

СОВЕТТИК АРМИЯ МЕНЕН АСКЕР-ДЕҢИЗ ФЛОТУНУН БОРБОРДУК УПУ М. В. Фрунзе атн.—СССР Куралдуу Күчтөрүнүн маданий-агартуу мекемеси. СССР рев-ячыл аскер советинин чечими м-н 1928-ж. Москвада түзүлгөн (1925-ж. иштезделген). Ал Сов. Армия м-н АДФтин Башкы саясий башкармасынын жетекчилиги м-н иштейт. Анда бир нече концерт, лекция ж-а окуу залдары, китепкана, эс алуу бөлмөсү, мейманкана, жайкы театрлуу ж-а эстрадалуу парк, Маркснзм-ленинизмдин кечки ун-ти, жалпы орто билим берүүчү кечки мектеп, методикалык кабинет, асем өнөркапалары бар. 1968-ж. үй Кызыл Жылдыз ордени м-н сыйланган.

СОВЕТТИК АРМИЯ МЕНЕН АСКЕР-ДЕҢИЗ ФЛОТУНУН КҮНҮ — СССРде жыл сайын 23-февралда белгиленчү майрам. 1918-ж. 15(28)-январда В. И. Ленин Жумушчу-Дыйкан Кызыл Армиясын (ЖДКА), 29-январда (11-февралда) Жумушчу-Дыйкан Кызыл Флотун (ЖДКФ) түзүү б-ча ЭКСтин декретине кол койгон. 1918-ж. 22-февралда Сов. Россияга герман империализминин аскерлери чабуул койгон. 21-февралда ЭКСтин «Социалисттик Ата Мекен коркунучта!» деген чакырык-декрети жарыяланып, 23-февралда Петроград, Москва ж. б. ш-ларда эмгекчилердин митингдери өткөрүлгөн. Ушул күнү жаңы уюшулган Сов. Армиянын отряддары герман баскынчыларына каршы фронтко аттанып, алардын чабуулун токтоткон. Ошондон 23-февраль С. А. м. АДФ к. катары салтанаттуу белгиленет. Бул күнү СССР коргоо министринин приказы жарыяланып, Москва, союздук респ-калардын борборлору, баатыр шаарлар м-н баатыр-чеп Брестте артилл. салют берилет.

СОВЕТТИК АРМИЯНЫН ЖАНА АСКЕР-ДЕҢИЗ ФЛОТУНУН БАШКЫ САЯСИЙ БАШКАРМАСЫ — Сов. Куралдуу Күчтөрдөгү парт. саясий иштерди жетектөөчү орган. КПСС БКнын бөлүмү укугунда. 1918-ж. апрелде Аскер комиссарларынын бүткүл россия-


лык бюросу деп түзүлгөн. 1919-ж. апрелде Респ-каның Рев-ячыл аскер советинин (РАСтын) саясий бөлүмү болуп кайра уюшулуп, 1919-ж. 15-майда респ-каның РАСынын саясий башкармасы аталган. КПСС БКнын чечими б-ча 1958-ж. апрелден азыркы аты м-н аталат. Ал Сов. Куралдуу Күчтөрдөгү парт. ж-а комсомолдук уюмдарга, саясий органдарга жетекчилик кылат; аскерлердин күжүрмөн даярдыгын, тартибин, саясий-моралдык абалын чыңдайт; КПСС БКнын чечимдерин аскердик саясий уюмдарда ишке чыгат; армия м-н флотто күжүрмөн ж-а саясий жетишкендиктерди жайылтуу ж. б. б-ча тарбиялык, маданий-массалык иштерди жүргүзөт.

СОВЕТТИК АЯЛДАР КОМИТЕТИ — сов. аялдардын коомдук уюму. СССРдеги ж-а чет мамлекеттердеги аялдардын коопсуздук, тынчтык үчүн жалпы күрөшүн бириктирүү максатында түзүлгөн. 1941-ж. сентябрда сов. аялдардын антифаш. комитети, 1956-жылдан С. а. к. аталган. Комитеттин составына респ-ка, обл., район ж-а шаарлардан өкүлдөр кирет. Жетекчи органы — жыл сайын чакырылуучу пленум, пленумдар аралыгында — президиум. Комитет аркылуу сов. аялдар тынчтыкка болгон умтулуусун, демократияга ж-а социалдык прогресс үчүн күрөшкөндөргө тилектештигин билдирет; өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн аялдар уюмуна жардам берет. Комитет 120 өлкөнүн прогрессчил аялдар уюму м-н достук байланышта турат. ВЦСПС м-н бирдикте комитет 12 тилде «Советская женщина» журналын чыгарат. Союздук респ-калардын бардыгында С. а. к-нин бөлүмдөрү бар. С. а. к. Эжени Коттон медалы (1970), Эл Достугу ордени (1973) м-н сыйланган.

СОВЕТТИК БИРИНЧИ ПИШПЕК ПОЛКУ—Кызыл Армиянын Түркстандагы күжүрмөн оперативдүү бөлүгү. Пишпектеги кызыл гвардиячыл отрядын (1918-ж. мартта куралган) базасында 1918-ж. апрелде рота, май айында — батальон, декабрда полк болуп түзүлгөн. Командири Я. Н. *Логвиненко* болгон. Полк Пишпек, Пржевальск, Нарын у-дерининде, о. эле жалпы эле Жети-Сууда Совет бийлигин орнотууда ж-а чыңдоодо чоң эмгек сиңирген кызыл гвардиячыларды бириктирген. Түн. Жети-Суу фронтунда ак чехтер ж-а ак казактар козголоңун баскан (1918, 1920). *Ак-Суу козголоңун (1918)* басууда ж-а фронтто сиңирген эмгеги үчүн «Советтик полк» деген ардактуу наам алган. Полкто көп улуттун өкүлдөрү болгон: орус, кыргыз, өзбек, дунган, татар ж. б. Полкто Ж. *Садаев*, С. Каралаев, И. *Кабеков* кызмат өтөгөн.

СОВЕТТИК ГВАРДИЯ — Улуу Ата Мек. согуш (1941—45) мезгилинде аскердик чеберчилиги, күжүрмөн тажрыйбасы, тартиби, уюшкандыгы, туруктуулугу ж-а эрдиги м-н айырмаланган Сов. Армия болуктөрүнүн, бирикмелеринин ардак наамы. С. г-ның тажрыйбасы Сов. куралдуу күчтөрдүн күжүрмөн күч-кубатынын ж-а аскердик өнөрүнүн өсүшүндө маанилүү роль ойногон. 100, 127, 153, 161-аткычтар дивизиялары 1941-ж. 18-октябрда 1-жолу гвард. дивизиялар болуп кайрадан түзүлгөн. Согуштан кийинки жылдарда армиялардын, бирикмелердин, флот кемелеринин көп сандаган дивизиясы, корпустары гвард. атак алган. С. г-ның өздүк составы үчүн 1942-ж. 21-майда көкүрөккө тагылчу бөтөнчө белги, ал эми болуктор м-н бирикмелер үчүн гвард. бөтөнчө туулар белгиленген.

СОВЕТТИК ЖҮКЧҮЛ ЖЫЛКЫ — жүкчүл жылкынын ири породасы. СССРде жерг. уная жылкы першерон, суффолык, арден, бельгия брабансону м-н аргындаштырылып чыгарылган (1952). Чоң, бышык конституциялуу, жоош жылкы. Өңү негизинен жээрде, чабдар. Айгырынын орт. бийикт. 161, тула боюнун уз. 169, көкүрөк курчамы 210,9, шыйрагынын жоондугу 25 *см*, салм. 770—790; бээсинин салм. 640—660 *кг*. Жумушка чыдамдуу, Тамбов ипподромундагы сыноодо (1957) Фарс аттуу айгыр 22 991 *кг* жүк тарткан. Бээси сүттүү, жылына 4 мин *л*че сүт берет. Порода О. Азиянын тоолуу райондорунан сыртқары СССРдин бардык жеринде асыралууда.



Ад.: Коннозаводство и конный спорт, под ред. Ю. Н. Барминцева, М., 1972.

СОВЕТТИК ЖУНДУУ ЭЧКИ — жүн багытында өстүрүлүүчү порода. О. Азия респ-каларында ж-а Каз-нда жерг. кылчык жүндүү эчкини ангор породасы м-н аргындаштыруудан чыгарылган (1947—62). Текесинин тирүү салм. 55—65, соолук эчкиси 38—40 *кг*. Жүнү ак, жылтыр, текши, 46—56-сапатта, уз. 18—20 *см*. Жылына текесинен 3—4, эчкисинен 1,5—2 *кг* жүн кыркылат. 75—80% таза жүн. Жүз тубар эчкиден 105—110 улак алынат. Бийик тоолуу ж-а өрөөндүү жайытта асыроого мыкты көнүккөн. Ал жерг. кылчык жүндүү эчкини жакшыртуу максатында пайдаланылат. О. Азия, Каз-н, Түн. Кавказда багылат.

Ад.: Зеленский Г. Г., Козоводство, М., 1971.

СОВЕТТИК КОНСТИТУЦИЯЛАР өлкөнүн коомдук ж-а мамл. түзүлүшүнүн негиздерин, мамл. органдардын уюшулушунун ж-а ишинин негизги принциптерин, граждандардын негизги укуктарын, эркиндиктери м-н милдеттерин ж. б-ны закон жүзүндө бекемдейт. СССРдин, союздаш респ-калардын, АССРлердин Конституцияларында коомдук түзүлүштүн ж-а саясаттын негиздери, мамлекеттин граждандарга болгон мамилеси, соц. мамлекеттин таптык мазмуну, мамл. органдардын системасы, алардын уюшулуу, иштөө принциптери белгиленген.

Сов. соц. мамлекет өз тарыхында төрт Конституция кабыл алды. Алгачкы С. К.—1918-жылкы РСФСР Конституциясы. Анда Улуу Окт. соц. рев-ясынын жеңиштери, сов. мамлекеттин таптык мазмуну — *пролетариат диктатурасы* ж-де жоболор белгиленген. Пролетариат диктатурасынын мамл. формасы, улуттарга болгон мамилеси көрсөтүлүп, соц. федерация жарыяланган. Экинчи С. К. — 1924-жылкы СССР Конституциясы. Ал союздаш соц. мамлекеттин түзүлүү принциптерин (ыктыярдуулук ж-а тең укуктуулук), союздук мамл. органдардын системасын аныктаган. Үчүнчү С. К. 1936-ж. СССР советтеринин чукул чакырылган 8-съездинде кабыл алынган. Ал СССРде соц. коомдук мамиленин жеңишин ырастап, ага ылайык мамл. органдардын уюмдашуу тартибин белгилеп, мамл. бийлик органдарын шайлоону демократташтырды.

Биздин өлкөдө өнүккөн соц. коом курулганына, соц. мамлекет жалпы элдик мамлекетке өсүп жеткендигине элдердин тарыхый жаңы жалпылыгы — *совет эли* түзүлгөнүнө, совет коомунун социалдык-саясий ж-а идеялык биримдигинин түзүлүшүнө байланыштуу 1977-ж. 7-октябрда СССР Жог. Совети жаңы Конституцияны, о эле бардык союздаш респ-калар ж-а АССРлер өз Конституцияларын кабыл алышты.

СОВЕТТИК КООМДУН МОРАЛДЫК САЯСИЙ БИРИМДИГИ — сов. жумушчу, дыйкан ж-а интеллигенциянын өндүрүштүк, социалдык ж-а моралдык кызыкчылыктарынын бирдейлиги. Ал тарыхта биринчи болуп СССРде социализм курулгандан кийин пайда болуп, өнүгө башталды. Жеке менчикке негизделген таптык коомдо моралдык-саясий биримдик дээрлик болбогон. Ал сов. коомдо Улуу Окт. соц. рев-ясынын натыйжасында калыптанып, соц. курулуштун жүрүшүндө улам бекемделе берүүдө. Биримдиктин негизи — соц. коомдук менчик ж-а совет элинин интернационализми. КПСС С. к. м.-с. б-н такай чыңдап, ар кандай бурж. идеологияга каршы турат.

«СОВЕТТИК КЫРГЫЗСТАН» — *«Ала-Тоо»* журналынын мурдагы аты.

«СОВЕТТИК КЫРГЫЗСТАН» — газета, Кырг-н КП БКнын, Кыргыз ССР Жог. Советинин Президиуму м-н Министрлер Советинин органы. Алгач 1924-ж. 7 ноябрда «Эркин-Тоо» деген ат м-н араб (1927-ж. латын, 1940-ж. орус) тамгасында 6-санына чейин Ташкен

СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКАЛАР СОЮЗУ, САЯСИЙ-АДМИНИСТРАТИВДИК КАРТА


РСФСР
1 Адыгей АО (Краснодар крайы)
2 Ставрополь крайы
3 Карачай-Черкесс АО (Ставрополь крайы)
4 Еврей АО (Хабаров крайы)
5 Усть-Ордынский Бурятский автон. округу (Иркутск обл.)
6 Коми-Пермяк автон. округу (Пермь обл.)
МАСШТАБ 1 : 25 000 000
250 0 250 500 750 1000 1250 1500 1750 2000 2250 2500 2750 3000 3250 3500 3750 4000 4250 4500 4750 5000 5250 5500 5750 6000 6250 6500 6750 7000 7250 7500 7750 8000 8250 8500 9000 9250 9500 9750 10000 10250 10500 10750 11000 11250 11500 11750 12000 12250 12500 12750 13000 13250 13500 13750 14000 14250 14500 14750 15000 15250 15500 15750 16000 16250 16500 16750 17000 17250 17500 17750 18000 18250 18500 18750 19000 19250 19500 19750 20000 20250 20500 20750 21000 21250 21500 21750 22000 22250 22500 22750 23000 23250 23500 23750 24000 24250 24500 24750 25000 25250 25500 25750 26000 26250 26500 26750 27000 27250 27500 27750 28000 28250 28500 28750 29000 29250 29500 29750 30000 30250 30500 30750 31000 31250 31500 31750 32000 32250 32500 32750 33000 33250 33500 33750 34000 34250 34500 34750 35000 35250 35500 35750 36000 36250 36500 36750 37000 37250 37500 37750 38000 38250 38500 38750 39000 39250 39500 39750 40000 40250 40500 40750 41000 41250 41500 41750 42000 42250 42500 42750 43000 43250 43500 43750 44000 44250 44500 44750 45000 45250 45500 45750 46000 46250 46500 46750 47000 47250 47500 47750 48000 48250 48500 48750 49000 49250 49500 49750 50000 50250 50500 50750 51000 51250 51500 51750 52000 52250 52500 52750 53000 53250 53500 53750 54000 54250 54500 54750 55000 55250 55500 55750 56000 56250 56500 56750 57000 57250 57500 57750 58000 58250 58500 58750 59000 59250 59500 59750 60000 60250 60500 60750 61000 61250 61500 61750 62000 62250 62500 62750 63000 63250 63500 63750 64000 64250 64500 64750 65000 65250 65500 65750 66000 66250 66500 66750 67000 67250 67500 67750 68000 68250 68500 68750 69000 69250 69500 69750 70000 70250 70500 70750 71000 71250 71500 71750 72000 72250 72500 72750 73000 73250 73500 73750 74000 74250 74500 74750 75000 75250 75500 75750 76000 76250 76500 76750 77000 77250 77500 77750 78000 78250 78500 78750 79000 79250 79500 79750 80000 80250 80500 80750 81000 81250 81500 81750 82000 82250 82500 82750 83000 83250 83500 83750 84000 84250 84500 84750 85000 85250 85500 85750 86000 86250 86500 86750 87000 87250 87500 87750 88000 88250 88500 88750 89000 89250 89500 89750 90000 90250 90500 90750 91000 91250 91500 91750 92000 92250 92500 92750 93000 93250 93500 93750 94000 94250 94500 94750 95000 95250 95500 95750 96000 96250 96500 96750 97000 97250 97500 97750 98000 98250 98500 98750 99000 99250 99500 99750 100000 100250 100500 100750 101000 101250 101500 101750 102000 102250 102500 102750 103000 103250 103500 103750 104000 104250 104500 104750 105000 105250 105500 105750 106000 106250 106500 106750 107000 107250 107500 107750 108000 108250 108500 108750 109000 109250 109500 109750 110000 110250 110500 110750 111000 111250 111500 111750 112000 112250 112500 112750 113000 113250 113500 113750 114000 114250 114500 114750 115000 115250 115500 115750 116000 116250 116500 116750 117000 117250 117500 117750 118000 118250 118500 118750 119000 119250 119500 119750 120000 120250 120500 120750 121000 121250 121500 121750 122000 122250 122500 122750 123000 123250 123500 123750 124000 124250 124500 124750 125000 125250 125500 125750 126000 126250 126500 126750 127000 127250 127500 127750 128000 128250 128500 128750 129000 129250 129500 129750 130000 130250 130500 130750 131000 131250 131500 131750 132000 132250 132500 132750 133000 133250 133500 133750 134000 134250 134500 134750 135000 135250 135500 135750 136000 136250 136500 136750 137000 137250 137500 137750 138000 138250 138500 138750 139000 139250 139500 139750 140000 140250 140500 140750 141000 141250 141500 141750 142000 142250 142500 142750 143000 143250 143500 143750 144000 144250 144500 144750 145000 145250 145500 145750 146000 146250 146500 146750 147000 147250 147500 147750 148000 148250 148500 148750 149000 149250 149500 149750 150000 150250 150500 150750 151000 151250 151500 151750 152000 152250 152500 152750 153000 153250 153500 153750 154000 154250 154500 154750 155000 155250 155500 155750 156000 156250 156500 156750 157000 157250 157500 157750 158000 158250 158500 158750 159000 159250 159500 159750 160000 160250 160500 160750 161000 161250 161500 161750 162000 162250 162500 162750 163000 163250 163500 163750 164000 164250 164500 164750 165000 165250 165500 165750 166000 166250 166500 166750 167000 167250 167500 167750 168000 168250 168500 168750 169000 169250 169500 169750 170000 170250 170500 170750 171000 171250 171500 171750 172000 172250 172500 172750 173000 173250 173500 173750 174000 174250 174500 174750 175000 175250 175500 175750 176000 176250 176500 176750 177000 177250 177500 177750 178000 178250 178500 178750 179000 179250 179500 179750 180000 180250 180500 180750 181000 181250 181500 181750 182000 182250 182500 182750 183000 183250 183500 183750 184000 184250 184500 184750 185000 185250 185500 185750 186000 186250 186500 186750 187000 187250 187500 187750 188000 188250 188500 188750 189000 189250 189500 189750 190000 190250 190500 190750 191000 191250 191500 191750 192000 192250 192500 192750 193000 193250 193500 193750 194000 194250 194500 194750 195000 195250 195500 195750 196000 196250 196500 196750 197000 197250 197500 197750 198000 198250 198500 198750 199000 199250 199500 199750 200000 200250 200500 200750 201000 201250 201500 201750 202000 202250 202500 202750 203000 203250 203500 203750 204000 204250 204500 204750 205000 205250 205500 205750 206000 206250 206500 206750 207000 207250 207500 207750 208000 208250 208500 208750 209000 209250 209500 209750 210000 210250 210500 210750 211000 211250 211500 211750 212000 212250 212500 212750 213000 213250 213500 213750 214000 214250 214500 214750 215000 215250 215500 215750 216000 216250 216500 216750 217000 217250 217500 217750 218000 218250 218500 218750 219000 219250 219500 219750 220000 220250 220500 220750 221000 221250 221500 221750 222000 222250 222500 222750 223000 223250 223500 223750 224000 224250 224500 224750 225000 225250 225500 225750 226000 226250 226500 226750 227000 227250 227500 227750 228000 228250 228500 228750 229000 229250 229500 229750 230000 230250 230500 230750 231000 231250 231500 231750 232000 232250 232500 232750 233000 233250 233500 233750 234000 234250 234500 234750 235000 235250 235500 235750 236000 236250 236500 236750 237000 237250 237500 237750 238000 238250 238500 238750 239000 239250 239500 239750 240000 240250 240500 240750 241000 241250 241500 241750 242000 242250 242500 242750 243000 243250 243500 243750 244000 244250 244500 244750 245000 245250 245500 245750 246000 246250 246500 246750 247000 247250 247500 247750 248000 248250 248500 248750 249000 249250 249500 249750 250000 250250 250500 250750 251000 251250 251500 251750 252000 252250 252500 252750 253000 253250 253500 253750 254000 254250 254500 254750 255000 255250 255500 255750 256000 256250 256500 256750 257000 257250 257500 257750 258000 258250 258500 258750 259000 259250 259500 259750 260000 260250 260500 260750 261000 261250 261500 261750 262000 262250 262500 262750 263000 263250 263500 263750 264000 264250 264500 264750 265000 265250 265500 265750 266000 266250 266500 266750 267000 267250 267500 267750 268000 268250 268500 268750 269000 269250 269500 269750 270000 270250 270500 270750 271000 271250 271500 271750 272000 272250 272500 272750 273000 273250 273500 273750 274000 274250 274500 274750 275000 275250 275500 275750 276000 276250 276500 276750 277000 277250 277500 277750 278000 278250 278500 278750 279000 279250 279500 279750 280000 280250 280500 280750 281000 281250 281500 281750 282000 282250 282500 282750 283000 283250 283500 283750 284000 284250 284500 284750 285000 285250 285500 285750 286000 286250 286500 286750 287000 287250 287500 287750 288000 288250 288500 288750 289000 289250 289500 289750 290000 290250 290500 290750 291000 291250 291500 291750 292000 292250 292500 292750 293000 293250 293500 293750 294000 294250 294500 294750 295000 295250 295500 295750 296000 296250 296500 296750 297000 297250 297500 297750 298000 298250 298500 298750 299000 299250 299500 299750 300000 300250 300500 300750 301000 301250 301500 301750 302000 302250 302500 302750 303000 303250 303500 303750 304000 304250 304500 304750 305000 305250 305500 305750 306000 306250 306500 306750 307000 307250 307500 307750 308000 308250 308500 308750 309000 309250 309500 309750 310000 310250 310500 310750 311000 311250 311500 311750 312000 312250 312500 312750 313000 313250 313500 313750 314000 314250 314500 314750 315000 315250 315500 315750 316000 316250 316500 316750 317000 317250 317500 317750 318000 318250 318500 318750 319000 319250 319500 319750 320000 320250 320500 320750 321000 321250 321500 321750 322000 322250 322500 322750 323000 323250 323500 323750 324000 324250 324500 324750 325000 325250 325500 325750 326000 326250 326500 326750 327000 327250 327500 327750 328000 328250 328500 328750 329000 329250 329500 329750 330000 330250 330500 330750 331000 331250 331500 331750 332000 332250 332500 332750 333000 333250 333500 333750 334000 334250 334500 334750 335000 335250 335500 335750 336000 336250 336500 336750 337000 337250 337500 337750 338000 338250 338500 338750 339000 339250 339500 339750 340000 340250 340500 340750 341000 341250 341500 341750 342000 342250 342500 342750 343000 343250 343500 343750 344000 344250 344500 344750 345000 345250 345500 345750 346000 346250 346500 346750 347000 347250 347500 347750 348000 348250 348500 348750 349000 349250 349500 349750 350000 350250 350500 350750 351000 351250 351500 351750 352000 352250 352500 352750 353000 353250 353500 353750 354000 354250 354500 354750 355000 355250 355500 355750 356000 356250 356500 356750 357000 357250 357500 357750 358000 358250 358500 358750 359000 359250 359500 359750 360000 360250 360500 360750 361000 361250 361500 361750 362000 362250 362500 362750 363000 363250 363500 363750 364000 364250 364500 364750 365000 365250 365500 365750 366000 366250 366500 366750 367000 367250 367500 367750 368000 368250 368500 368750 369000 369250 369500 369750 370000 370250 370500 370750 371000 371250 371500 371750 372000 372250 372500 372750 373000 373250 373500 373750 374000 374250 374500 374750 375000 375250 375500 375750 376000 376250 376500 376750 377000 377250 377500 377750 378000 378250 378500 378750 379000 379250 379500 379750 380000 380250 380500 380750 381000 381250 381500 381750 382000 382250 382500 382750 383000 383250 383500 383750 384000 384250 384500 384750 385000 385250 385500 385750 386000 386250 386500 386750 387000 387250 387500 387750 388000 388250 388500 388750 389000 389250 389500 389750 390000 390250 390500 390750 391000 391250 391500 391750 392000 392250 392500 392750 393000 393250 393500 393750 394000 394250 394500 394750 395000 395250 395500 395750 396000 396250 396500 396750 397000 397250 397500 397750 398000 398250 398500 398750 399000 399250 399500 399750 400000 400250 400500 400750 401000 401250 401500 401750 402000 402250 402500 402750 403000 403250 403500 403750 404000 404250 404500 404750 405000 405250 405500 405750 406000 406250 406500 406750 407000 407250 407500 407750 408000 408250 408500 408750 409000 409250 409500 409750 410000 410250 410500 410750 411000 411250 411500 411750 412000 412250 412500 412750 413000 413250 413500 413750 414000 414250 414500 414750 415000 415250 415500 415750 416000 416250 416500 416750 417000 417250 417500 417750 418000 418250 418500 418750 419000 419250 419500 419750 420000 420250 420500 420750 421000 421250 421500 421750 422000 422250 422500 422750 423000 423250 423500 423750 424000 424250 424500 424750 425000 425250 425500 425750 426000 426250 426500 426750 427000 427250 427500 427750 428000 428250 428500 428750 429000 429250 429500 429750 430000 430250 430500 430750 431000 431250 431500 431750 432000 432250 432500 432750 433000 433250 433500 433750 434000 434250 434500 434750 435000 435250 435500 435750 436000 436250 436500 436750 437000 437250 437500 437750 438000 438250 438500 438750 439000 439250 439500 439750 440000 440250 440500 440750 441000 441250 441500 441750 442000 442250 442500 442750 443000 443250 443500 443750 444000 444250 444500 444750 445000 445250 445500 445750 446000 446250 446500 446750 447000 447250 447500 447750 448000 448250 448500 448750 449000 449250 449500 449750 450000 450250 450500 450750 451000 451250 451500 451750 452000 452250 452500 452750 453000 453250 453500 453750 454000 454250 454500 454750 455000 455250 455500 455750 456000 456250 456500 456750 457000 457250 457500 457750 458000 458250 458500 458750 459000 459250 459500 459750 460000 460250 460500 460750 461000 461250 461500 461750 462000 462250 462500 462750 463000 463250 463500 463750 464000 464250 464500 464750 465000 465250 465500 465750 466000 466250 466500 466750 467000 467250 467500 467750 468000 468250 468500 468750 469000 469250 469500 469750 470000 470250 470500 470750 471000 471250 471500 471750 472000 472250 472500 472750 473000 473250 473500 473750 474000 474250 474500 474750 475000 475250 475500 475750 476000 476250 476500 476750 477000 477250 477500 477750 478000 478250 478500 478750 479000 479250 479500 479750 480000 480250 480500 480750 481000 481250 481500 481750 482000 482250 482500 482750 483000 483250 483500 483750 484000 484250 484500 484750 485000 485250 485500 485750 486000 486250 486500 486750 487000 487250 487500 487750 488000 488250 488500 488750 489000 489250 489500 489750 490000 490250 490500 490750 491000 491250 491500 491750 492000 492250 492500 492750 493000 493250 493500 493750 494000 494250 494500 494750 495000 495250 495500 495750 496000 496250 496500 496750 497000 497250 497500 497750 498000 498250 498500 498750 499000 499250 499500 499750 500000 500250 500500 500750 501000 501250 501500 501750 502000 502250 502500 502750 503000 503250 503500 503750 504000 504250 504500 504750 505000 505250 505500 505750 506000 506250 506500 506750 507000 507250 507500 507750 508000 508250 508500 508750 509000 509250 509500 509750 510000 510250 510500 510750 511000 511250 511500 511750 512000 512250 512500 512750 513000 513250 513500 513750 514000 514250 514500 514750 515000 515250 515500 515750 516000 516250 516500 516750 517000 517250 517500 517750 518000 518250 518500 518750 519000 519250 519500 519750 520000 520250 520500 520750 521000 521250 521500 521750 522000 522250 522500 522750 523000 523250 523500 523750 524000 524250 524500 524750 525000 525250 525500 525750 526000 526250 526500 526750 527000 527250 527500 527750 528000 528250 528500 528750 529000 529250 529500 529750 530000 530250 530500 530750 531000 531250 531500 531750 532000 532250 532500 532750 533000 533250 533500 533750 534000 534250 534500 534750 535000 535250 535500 535750 536000 536250 536500 536750 537000 537250 537500 537750 538000 538250 538500 538750 539000 539250 539500 539750 540000 540250 540500 540750 541000 541250 541500 541750 542000 542250 542500 542750 543000 543250 543500 543750 544000 544250 544500 544750 545000 545250 545500 545750 546000 546250 546500 546750 547000 547250 547500 547750 548000 548250 548500 548750 549000 549250 549500 549750 550000 550250 550500 550750 551000 551250 551500 551750 552000 552250 552500 552750 553000 553250 553500 553750 554000 554250 554500 554750 555000 555250 555500 555750 556000 556250 556500 556750 557000 557250 557500 557750 558000 558250 558500 558750 559000 559250 559500 559750 560000 560250 560500 560750 561000 561250 561500 561750 562000 562250 562500 562750 563000 563250 563500 563750 564000 564250 564500 564750 565000 565250 565500 565750 566000 566250 566500 566750 567000 567250 567500 567750 568000 568250 568500 568750 569000 569250 569500 569750 570000 570250 570500 570750 571000 571250 571500 571750 572000 572250 572500 572750 573000 573250 573500 573750 574000 574250 574500 574750 575000 575250 575500 575750 576000 576250 576500 576750 577000 577250 577500 577750 578000 578250 578500 578750 579000 579250 579500 579750 580000 580250 580500 580750 581000 581250 581500 581750 582000 582250 582500 582750 583000 583250 583500 583750 584000 584250 584500 584750 585000 585250 585500 585750 586000 586250 586500 586750 587000 587250 587500 587750 588000 588250 588500 588750 589000 589250 589500 589750 590000 590250 590500 590750 591000 591250 591500 591750 592000 592250 592500 592750 593000 593250 593500 593750 594000 594250 594500 594750 595000 595250 595500 595750 596000 596250 596500 596750 597000 597250 597500 597750 598000 598250 598500 598750 599000 599250 599500 599750 600000 600250 600500 600750 601000 601250 601500 601750 602000 602250 602500 602750 603000 603250 603500 603750 604000 604250 604500 604750 605000 605250 605500 605750 606000 606250 606500 606750 607000 607250 607500 607750 608000 608250 608500 608750 609000 609250 609500 609750 610000 610250 610500 610750 611000 611250 611500 611750 612000 612250 612500 612750 613000 613250 613500 613750 614000 614250 614500 614750 615000 615250 615500 615750 616000 616250 616500 616750 617000 617250 617500 617750 618000 618250 618500 618750 619000 619250 619500 619750 620000 620250 620500 620750 621000 621250 621500 621750 622000 622250 622500 622750 623000 623250 623500 623750 624000 624250 624500 624750 625000 625250 625500 625750 626000 626250 626500 626750 627000 627250 627500 627750 628000 628250 628500 628750 629000 629250 629500 629750 630000 630250 630500 630750 631000 631250 631500 631750 632000 632250 632500 632750 633000 633250 633500 633750 634000 634250 634500 634750 635000 635250 635500 635750 636000 636250 636500 636750 637000 637250 637500 637750 638000 638250 638500 638750 639000 639250 639500 639750 640000 640250 640500 640750 641000 641250 641500 641750 642000 642250 642500 642750 643000 643250 643500 643750 644000 644250 644500 644750 645000 645250 645500 645750 646000 646250 646500 646750 647000 647250 647500 647750 648000 648250 648500 648750 649000 649250 649500 649750 650000 650250 650500 650750 651000 651250 651500 651750 652000 652250 652500 652750 653000 653250 653500 653750 654000 654250 654500 654750 655000 655250 655500 655750 656000 656250 656500 656750 657000 657250 657500 657750 658000 658250 658500 658750 659000 659250 659500 659750 660000 660250 660500 660750 661000 661250 661500 661750 662000 662250 662500 662750 663000 663250 663500 663750 664000 664250 664500 664750 665000 665250 665500 665750 666000 666250 666500 666750 667000 667250 667500 667750 668000 668250 668500 668750 669000 669250 669500 669750 670000 670250 670500 670750 671000 671250 671500 671750 672000 672250 672500 672750 673000 673250 673500 673750 674000 674250 674500 674750 675000 675250 675500 675750 676000 676250 676500 676750 677000 677250 677500 677750 678000 678250 678500 678750 679000 679250 679500 679750 680000 680250 680500 680750 681000 681250 681500 681750 682000 682250 682500 682750 683000 683250 683500 683750 684000 684250 684500 684750 685000 685250 685500 685750 686000 686250 686500 686750 687000 687250 687500 687750 688000 688250 688500 688750 689000 689250 689500 689750 690000 690250 690500 690750 691000 691250 691500 691750 692000 692250 692500 692750 693000 693250 693500 693750 694000 694250 694500 694750 695000 695250 695500 695750 696000 696250 696500 696750 697000 697250 697500 697750 698000 698250 698500 698750 699000 699250 699500 699750 700000 700250 700500 700750 701000 701250 701500 701750 702000 702250 702500 702750 703000 703250 703500 703750 704000 704250 704500 704750 705000 705250 705500 705750 706000 706250 706500 706750 707000 707250 707500 707750 708000 708250 708500 708750 709000 709250 709500 709750 710000 710250 710500 710750 711000 711250 711500 711750 712000 712250 712500 712750 713000 713250 713500 713750 714000 714250 714500 714750 715000 715250 715500 715750 716000 716250 716500 716750 717000 717250 717500 717750 718000 718250 718500 718750 719000 719250 719500 719750 720000 720250 720500 720750 721000 721250 721500 721750 722000 722250 722500 722750 723000 723250 723500 723750 724000 724250 724500 724750 725000 725250 725500 725750 726000 726250 726500 726750 727000 727250 727500 727750 728000 728250 728500 728750 729000 729250 729500 729750 730000 730250 730500 730750 731000 731250 731500 731750 732000 732250 732500 732750 733000 733250 733500 733750 734000 734250 734500 734750 735000 735250 735500 735750 736000 736250 736500 736750 737000 737250 737500 737750 738000 738250 738500 738750 739000 739250 739500 739750 740000 740250 740500 740750 741000 741250 741500 741750 742000 742250 742500 742750 743000 743250 743500 743750 744000 744250 744500 744750 745000 745250 745500 745750 746000 746250 746500 746750 747000 747250 747500 747750 748000 748250 748500 748750 749000 749250 749500 749750 750000 750250 750500 750750 751000 751250 751500 751750 752000 752250 752500 752750 753000 753250 753500 753750 754000 754250 754500 754750 755000 755250 755500 755750 756000 756250 756500 756750 757000 757250 757500 757750 758000 758250 758500 758750 759000 759250 759500 759750 760000 760250 760500 760750 761000 761250 761500 761750 762000 762250 762500 762750 763000 763250 763500 763750 764000 764250 764500 764750 765000 765250 765500 765750 766000 766250 766500 766750 767000 767250 767500 767750 768000 768250 768500 768750 769000 769250 769500 769750 770000 770250 770500 770750 771000 771250 771500 771750 772000 772250 772500 772750 773000 773250 773500 773750 774000 774250 774500 774750 775000 775250 775500 775750 776000 776250 776500 776750 777000 777250 777500 777750 778000 778250 778500 778750 779000 779250 779500 779750 780000 780250 780500 780750 781000 781250 781500 781750 782000 782250 782500 782750 783000 783250 783500 783750 784000 784250 784500 784750 785000 785250 785500 785750 786000 786250 786500 786750 787000 787250 787500 787750 788000 788250 788500 788750 789000 789250 789500 789750 790000 790250 790500 790750 791000 791250 791500 791750 792000 792250 792500 792750 793000 793250 793500 793750 794000 794250 794500 794750 795000 795250 795500 795750 796000 796250 796500 796750 797000 797250 797500 797750 798000 798250 798500 798750 799000 799250 799500 799750 800000 800250 800500 800750 801000 801250 801500 801750 802000 802250 802500 802750 803000 803250 803500 803750 804000 804250 804500 804750 805000 805250 805500 805750 806000 806250 806500 806750 807000 807250 807500 807750 808000 808250 808500 808750 809000 809250 809500 809750 810000 810250 810500 810750 811000 811250 811500 811750 812000 812250 812500 812750 813000 813250 813500 813750 814000 814250 814500 814750 815000 815250 815500 815750 816000 816250 816500 816750 817000 817250 817500 817750 818000 818250 818500 818750 819000 819250 819500 819750 820000 820250 820500 820750 821000 821250 821500 821750 822000 822250 822500 822750 823000 823250 823500 823750 824000 824250 824500 824750 825000 825250 825500 825750 826000 826250 826500 826750 827000 827250 827500 827750 828000 828250 828500 828750 829000 829250 829500 829750 830000 830250 830500 830750 831000 831250 831500 831750 832000 832250 832500 832750 833000 833250 833500 833750 834000 834250 834500 834750 835000 835250 835500 835750 836000 836250 836500 836750 837000 837250 837500 837750 838000 838250 838500 838750 839000 839250 839500 839750 840000 840250 840500 840750 841000 841250 841500 841750 842000 842250 842500 842750 843000 843250 843500 843750 844000 844250 844500 844750 845000 845250 845500 845750 846000 846250 846500 846750 847000 847250 847500 847750 848000 848250 848500 848750 849000 849250 849500 849750 850000 850250 850500 850750 851000 851250 851500 851750 852000 852250 852500 852750 853000 853250 853500 853750 854000 854250 854500 854750 855000 855250 855500 855750 856000 856250 856500 856750 857000 857250 857500 857750 858000 858250 858500 858750 859000 859250 859500 859750 860000 860250 860500 860750 861000 861250 861500 861750 862000 862250 862500 862750 863000 863250 863500 863750 864000 864250 864500 864750 865000 865250 865500 865750 866000 866250 866500 866750 867000 867250 867500 867750 868000 868250 868500 868750 869000 869250 869500 869750 870000 870250 870500 870750 871000 871250 871500 871750 872000 872250 872500 872750 873000 873250 873500 873750 874000 874250 874500 874750 875000 875250 875500 875750 876000 876250 876500 876750 877000 877250 877500 877750 878000 878250 878500 878750 879000 879250 879500 879750 880000 880250 880500 880750 881000 881250 881500 881750 882000 882250 882500 882750 883000 883250 883500 883750 884000 884250 884500 884750 885000 885250 885500 885750 886000 886250 886500 886750 887000 887250 887500 887750 888000 888250 888500 888750 889000 889250 889500 889750 890000 890250 890500 890750 891000 891250 891500 891750 892000 892250 892500 892750 893000 893250 893500 893750 894000 894250 894500 894750 895000 895250 895500 895750 896000 896250 896500 896750 897000 897250 897500 897750 898000 898250 898500 898750 899000 899250 899500 899750 900000 900250 900500 900750 901000 901250 901500 901750 902000 902250 902500 902750 903000 903250 903500 903750 904000 904250 904500 904750 905000 905250 905500 905750 906000 906250 906500 906750 907000 907250 907500 907750 908000 908250 908500 908750 909000 909250 909500 909750 910000 910250 910500 910750 911000 911250 911500 911750 912000 912250 912500 912750 913000 913250 913500 913750 914000 914250 914500 914750 915000 915250 915500 915750 916000 916250 916500 916750 917000 917250 917500 917750 918000 918250 918500 918750 919000 919250 919500 919750 920000 920250 920500 920750 921000 921250 921500 921750 922000 922250 922500 922750 923000 923250 923500 923750 924000 924250 924500 924750 925000 925250 925500 925750 926000 926250 926500 926750 927000 927250 927500 927750 928000 928250 928500 928750 929000 929250 929500 929750 930000 930250 930500 930750 931000 931250 931500 931750 932000 932250 932500 932750 933000 933250 933500 933750 934000 934250 934500 934750 935000 935250 935500 935750 936000 936250 936500 936750 937000 937250 937500 937750 938000 938250 938500 938750 939000 939250 939500 939750 940000 940250 940500 940750 941000 941250 941500 941750 942000 942250 942500 942750 943000 943250 943500 943750 944000 944250 944500 944750 945000 945250 945500 945750 946000 946250 946500 946750 947000 947250 947500 947750 948000 948250 948500 948750 949000 949250 949500 949750 950000 950250 950500 950750 951000 951250 951500 951750 952000 952250 952500 952750 953000 953250 953500 953750 954000 954250 954500 954750 955000 955250 955500 955750 956000 956250 956500 956750 957000 957250 957500 957750 958000 958250 958500 958750 959000 959250 959500 959750 960000 960250 960500 960750 961000

СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКАЛАР СОЮЗУ, САЯСИЙ-АДМИНИСТРАТИВДИК КАРТА



РСФСР
1 Адыгей АО (Краснодар крайы)
2 Ставрополь крайы
3 Карачай-Черкесс АО (Ставрополь крайы)
4 Еврей АО (Хабаров крайы)
5 Усть-Ордынский Буряд автон. округу (Иркутск обл.)
6 Коми-Пермяк автон. округу (Пермь обл.)
7 Ага-Буряд автон. округу (Чита обл.)
8 Дагестан АССРи
9 Кабарда-Балкар АССРи
10 Мари АССРи
11 Мордва АССРи
12 Тыва АССРи
13 Удмурт АССРи
14 Чечен-Ингуш АССРи
15 Чуваш АССРи

УКРАИН ССРи
16 Волынь обл.
17 Закарпат обл.
18 Крым обл.

ОЗБЕК ССРи
19 Кашка-Дарыя обл.
20 Сурхан-Дарыя обл.
21 Сыр-Дарыя обл.
22 Хорезм обл.

КАЗАК ССРи
23 Чыгыш Казахстан обл.
24 Тундук Казахстан обл.
25 Торгой обл.

ГРУЗИН ССРи
26 Абхаз АССРи
27 Ажар АССРи
28 Тушшк Осетин АО

АЗЕРБАЙЖАН ССРи
30 Нахичеван АССРи
31 Тоолуу Карабах АО

32 МОЛДАВАН ССРи

КЫРГЫЗ ССРи
33 Иссык-Кол обл.

ТАЖИК ССРи
34 Тоолуу Бадахшан АО

35 АРМЯН ССРи

Эскертуу. Борбору менен уйкаш области тарын аттары картага жазылган жок

МАСШТАБ 1 25 000 000

250 0 250 500 750 1000 км

СССР, ФИЗИКАЛЫК КАРТА

ТЕРЕНДИК Ж-А БИЙИКТИК ШКАЛАСЫ, МЕТР М-Н

7000 5000 4000 3000 2000 200 0 200 500 1000 2000 3000 4000 Сызык

МАСШТАБ 1:25 000 000

250 0 250 500 750 1000 км



ш-нда, калганы Фрунзе ш-нда чыгып турган. 1927-жылдан «Кызыл Кыргызстан», 1956-жылдан азыркы аты м-н жумасына 6 жолу чыгат. Газета респ-кабыздагы саясий-экон. бардык өзгөрүүлөрдү чагылдырып, а. ч-ны коллективдештирүү, ө. ж-ды индустриялаштыруу, маданий рев-я мезгилинде, айрыкча Улуу Ата Мек. согуш жылдарында эмгекчилерди жооптуу милдетти орундатууга чакырган. «С. К.» респ-када марксизм-ленинизм идеясын, илим м-н техниканын жетишкендиктерин жайылтып, калайыкты партия саясатын жүзөгө ашыруу күрөшүнө мобилизацияларга ж-а эмгекчилерди соц. интернационализм, элдердин достугу, сов. патриотизм духунда тарбиялоодо. Газетанын ишине Кырг-н КП БКнын бюросу бекиткен редколлегия жетекчилик кылат. Редакцияда 10 болум иштейт: парт. турмуш, пропаганда, сов. курулуш, ө. ж. ж-а транспорт, ад-т ж-а иск-во, а. ч., илим, мектеп ж-а жог. окуу жайлар ж. б. Жер-жерлерде өз кабарчылары, штаттан тышкары болумдөрү ж-а жумушчу-дыйкан кабарчылары бар. Газетанын алгачкы редактору — О. Алиев; 1927—28-ж. Б. Д. Исаков, 1928—30-ж. Аалы Токомбаев, 1930—31-ж. Ш. Кокенов, 1931—32-ж. К. А. Рахматулин, 1936—37-ж. С. Сарманов, 1937—38-ж. М. Токобаев, 1938—40-ж. М. Маматов, 1940—44-ж. М. Догдуров, 1944—45 ж-а 1949—55-ж. А. Сопиев, 1946—48-ж. К. К. Каракеев, 1955—56-ж. Т. Усубалиев, 1956—58-ж. Асанбек Токомбаев, 1958—63-ж. Т. Суванбердиев, 1963—70-ж. Н. Жаналиев, 1970—72-ж. А. Абакиров, 1972-жылдын августунан Ж. Турсунов. Газета Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган (1958). Тиражы 130 миң (1978).

Ад.: Турмуш күзгүсү («Советтик Кыргызстан» газетасынын 40 жылдыгына арналган документтик материалдардын, эскерүүлөрдүн жана макалалардын жыйнагы), Фр., 1966.

«СОВЕТТИК КЫРГЫЗСТАН» — танк колоннасы; Улуу Ата Мек. согуш (1941—45) жылдары СССРди коргоо ж-а Кызыл Армия фондулары үчүн кырг-ндык жумушчулар, колхозчулар ж-а интеллигенттер топтогон каражатка курулган. Бул патриоттук жөрөлгөнүн демилгечиси Кочкор р-нундагы «Арал» к-зунун (азыркы «Соңкөл» с-зунун Көк-Жар участкасы) мүчөсү Чорго Жаңыбаев, Куршаб (азыркы Өзгөн) р-нундагы Ленин атн. к-здон Ороз Кулматов 1942-ж. декабрда «С. К.» танк колоннасы үчүн 50 миң сомдон берип, ал жөрөлгөнү колдоо ж-дө респ-канын бардык эмгекчилерине кайрылышкан. Аны Кырг-ндын бүт калкы кызуу кубаттаган. Колоннанын танкаларын Кыргыз ССРинин парт.-өкмөттүк делегациясы 1943-ж. ноябрда танкисттерге тапшырып, алар Сталинград салгылашына жөнөтүлгөн. Алар Харьков ш. ж-а Ростов аймагы үчүн кармаштарга, Донбассты, Днепрди бошотууга, душманды мекендин аймагынан куун чыгууга катышкан. Салгылаштарда көрсөткөн эрдиги ж-а баатырдыгы үчүн колоннанын 22 жоокери м-н командири Сов. Союзунун ордендери ж-а медалдары м-н сыйланган.

СОВЕТТИК-ПАРТИЯЛЫК МЕКТЕП — КПССтин атайын орто окуу жайы. А. ч. райондору үчүн парт. ж-а сов. кызматкерлерди даярдайт. 1920—21-ж. уюшулган. С.-п. м-ке парт. комитетин сунушу б-ча коомдук-саясий иштерге активдүү катышкан КПССтин мүчөсү кабыл алынат. Орто билимдүүлөр 2, сегиз жылдык билими барлар 3 жыл окуп, экономист-уюштуруучу, агроном-уюштуруучу, зоотехник-уюштуруучу деген кесип алышат. 1929-жылдан сырттан окуу курстары ачылган. 1936-ж. МТСке, колхоз-совхоздорго кадрлар даярдоо үчүн С.-п. м. обл. коммунисттик а. ч. мектеби болуп кайрадан уюшулган. 1956-ж. сов. парт. кызматкерлерди ж-а колхоз жетекчилерин даярдоо үчүн парт.-саясий а. ч. окуу жайы түзүлгөн. Угуучулар орто мектептин көлөмүндө жалпы билим ж-а парт.-саясий орто билим алат. Кырг-нда парт., сов. ж-а колхоздук кеңеш жетекчилерди даярдоо үчүн респ-калык парт. мектептин базасында 1958-ж. Кырг-н КП БКга караштуу С.-п. м. түзүлгөн. 1966-ж. С.-п. м-тин ордуна респ-калык сов. парт. кызматкерлердин билимин оркундотуу курсу ачылган. 1958—66-ж. С.-п. м-ти Кырг-ндын 843 парт. кызматкери бүтүргөн.

СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКАЛАР СОЮЗУ (СССР) Жер шарындагы эң ири мамлекет. Аянты 22 402,2 миң км² (эл жашаган курактыктын 1/6 болугу). Калкы 262 442 миң (1979). Борбору — Москва ш. (8011 миң, шаар айланасы м-н, 1979).



СССР Европанын чыгыш ж-а Азиянын түн. болугүндө жайгашкан. Түндуктон түштүккө 10 миң км ге созулат же экватор узундугунун 1/4ин түзөт. СССРдин чегинде 11 саат алкагы бар. Өлкөнүн эң четки жерлери: түндуктө — Франц Иосиф Жери архипелагындагы Рудольф а-нын Флигели материгинде — Челюскин тумшугу (77° 43′ түн. кеңдик), түштүктө — Кушка ш-на жакын жердеги Чулдук-Тор айылы (35°08′ түн. кеңдик), батышта — Балтика деңизинин Гдан булуңундагы Балтика сүйрү саяңы, Калининград ш-на жакын (19°38′ чыгыш узундук) ж-а чыгышта — Беринг кысыгындагы Ратманов а. (169°02′ батыш узундук), материкте Дежнев тумшугу (169°40′ батыш узундук). СССРдин составына 15 союздаш республика, 20 автономия респ-ка, 8 автономия область, 10 автономия округ, 6 край, 121 область кирет. Сов. Союзу кургактыкта 12 мамлекет м-н чектешет: батышынан — Норвегия, Финляндия, Польша, Чехосл-я, Венгрия, Румыния, түштүгүнөн — Турция, Иран, Афг-н, Кытай, МЭР, КЭДР. Чыгыш ж-а түн. чек арасы деңиз аркылуу өтөт. СССРдин мамл. чек арасынын уз. 60 миң км ден ашык, аның 2/3сине жакыны деңизде.

Мамлекеттик түзүлүшү. СССР — жумушчу, дыйкан ж-а интеллигенциянын мүдөөсүнө төп келген жалпы элдик соц. мамлекет. СССРде бардык бийлик элге таандык. СССРдин саясий негизи — Эл депутаттар совети. Бардык мамл. органдар Советтерге баш нет. СССРдин саясий системасына сов., мамл., КПСС, эмгекчилердин коомдук уюмдары, эмгекчилердин коллективи кирет. Совет мамлекетинин уюмдашы ж-а иш аракети демокр. централизм принсибине ылайыкталган. Совет мамлекети ж-а аның бардык органдары соц. закондуулуктун негизинде иштеп, тартиптүүлүктү, коомдун кызыкчылыгын, граждандардын укугун ж-а эркиндигин коргойт. Сов. коомдун жетекчи ж-а багыттоочу күчү, аның саясий системасынын ядросу, мамл. ж-а коомдук уюмдардын уюткусу—СССРдин Коммунисттик партиясы. СССРдин экон. системасын өндүрүш каражаттарынын соц., колхоздук-кооперациялык менчиги түзөт. Мамлекет соц. менчикти коргойт ж-а аның өнүгүшүнө шарт түзөт. Мамл. менчик — соц. менчиктин негизги түрү. СССРдин социалдык негизин жумушчу, дыйкан, интеллигенциянын бузулгус союзу түзөт. СССРдин мамл. гербин ж-а мамл. желегин к. *Мамлекеттик герб, Мамлекеттик желек* макалаларынын таблицасынан.

Табияты. Сов. Союз. табиятынын түрдүү болушу аймагынын кеңдигине байланыштуу. СССРдин аймагы түндуктон түштүккө карай арктика чөлү, тундра, токойлуу тундра, токой, токойлуу талаа, талаа, жарым чөл ж-а чөл табигый зоналарында жайгашкан. Закавказье м-н О. Азиянын айрым болугүндө субтропик кездешет.

СССРдин батыш болугүн кеңири түздуктор ж-а ойдундар ээлейт. Чыгышында (Енисей д-нан Тынч океанга чейин) бөксө ж-а кырка тоолор басымдуу. СССРдин түш. чек арасын бойлой туташ бийик тоо тилкеси созулат. Өлкөнүн материктик болугүнүн бийиктигинин максималдык айырмасы 7600 мден ашык. Эң бийик жери — Памирдеги Коммунизм чокусу (7495 *м*), эң жапызы — Каспий ойдуңу






(Мангышлак ж. а-нда; деңиз деңг. 132 *м* төмөн).

СССРдин европ. бөлүгүнүн көбүн *Чыгыш Европа (Орус) түздүгү* ээлейт; андан Орто Орус, Волга бою, Днепр бою, Волын, Подол ж. б. деңсөөлөрү орун алган. Чыгыш Европа түздүгү түн.-батыштан Карелиянын деңсөөлөрү, Кола ж. а-ныи тоолору. түштүгүнөн Чыгыш Карпат, *Крым, Кавказ* тоолору м-н чектелет.

СССРдин азия бөлүгүндө (Урал тоолору м-н Енисей д-ныи аралыгында) *Батыш Сибирь түздүгү* жайгашкан. Ал О. Азияныи көпчүлүк бөлүгүн ээлеген Туран ойдуңунан *Торгой плагосу* ж-а *Казак Сары Аркасы* м-н бөлүнөт. Енисей ж-а Лена д-ныи аралыгында *Орто Сибирь бөксө тоосу* жайгашкан. Азия бөлүгүнүн түштүгү ж-а чыгышы тоолуу; андан *Копетдаг, Памир, Тянь-Шань,* Түн.-Чыгыш Сибирдин ж-а Ы. Чыгыштын тоолору, Түш. Сибирдин тоолору (Алтай, Саян, Прибайкалье ж-а Забайкалье) орун алган. Арктикадагы аралдардын көбүндө, о. эле Сахалин ж-а Курил а-дарында тоо көп.

Геологиясы. СССРдин негизги геол. структурасын Чыгыш Европа м-н Сибирь платформалары ж-а аларды бөлүп турган *Урал-Монгол геосинклиналдык бүктөлүү алкагы* түзөт. Булардан башка өлкөнүн түштүгүндө *Орус платформасынын* түш. бөлүгү курчап жаткан Жер Ортолук ж-а Азия материгинин түш.-чыгыш чет жакасын камтыган Тынч океан геосинклиналдык бүктөлүш кырчоосу жайгашкан. Чыгыш Европа платформасынын фундаментин архей ж-а протерозой заманынын башталышы м-н ортосунда пайда болгон амфиболиттер, амфибол, гнейс ж-а кристаллдуу сланецтер түзөт. Фундамент бардык жерде чөкмө тектер м-н жабылып калган. Платформанын негизги ири структуралык түзүлүшүн Воронеж, Белорус ж-а Волга-Урал антиклизалары түзөт. *Сибирь платформасы* архей заманынын өтө метаморфизмделген кристаллдуу сланец, мрамор, гнейс ж-а кварцит тоо тектеринен түзүлгөн фундаменттен турат. Фундамент Анабар массиви м-н Алдан калканында жердин үстүнө чыгып жатат. Анын Чыгыш Европа платформасынан айырмасы—палеозойдун аягында аймак жалпы чөгүүлөргө дуушарланып, деңиз шартында пайда болгон чөкмө тоо тектердин калың катмарынын топтолушуна шарт түзгөн. Урал-Монгол геосинклиналдык бүктөлүү кырчоосу мезозой заманынын башталышында платформа түрүндө болуп, анын ар кайсы участкаларында ар кандай жаштагы бүктөлүү системалары (байкал, салаир, каледон ж-а герцин) түзүлө баштаган. Палеозой м-н кембрийге чейинки мезгилдин тоо тектери азыркы тоолуу областтарда (Урал, Тянь-Шань, Ортоңку Казакстан ж-а Чыгыш Казакстан, Алтай, Саян, Байкал бою) жердин үстүнкү бетине чыгып, көтөрүлүп жатат. *Жер Ортолук деңиз геосинклиналдык бүктөлүү алкагы* СССРдин аймагында Ички ж-а Сырткы зоналарга ажырайт. Сырткы зонасы (скиф, туран плитасынын түш. бөлүгү, тажик депрессиясы ж-а түн. памир) жаш платформа түрүндө өнүккөн. Анын аймагында кембрийге чейинки мезгилдин ж-а палеозой заманынын чөкмө тоо тектери бүктөлүүлөргө дуушарланып, өтө метаморфизмделген. Алар сырткы зонанын фундаментин түзүшөт. Мезозой м-н кайнозойдун чөкмөлөрү аларды бардык жерде жаап жатат. Ички зонада (Карпат, Тоолуу Крым, Кавказ, Копетдаг) мезозой м-н кайнозойдун чөкмө тектери геосинклиналь тибиндеги бүктөлүүлөргө дуушарланган. *Тынч океан бүктөлүү алкагы* ири оң структуралары Верхоян мегантиклинориясы ж-а Сатте-Дабан Анюй, Чукча, Тас-Хаяхтах, Мом ж. б. антиклинориясы болуп эсептелет. Алар негизинен кумдуу сланец, аки таш тегп, аз санда жанар тоо тектеринен түзүлгөн. Терс структуралык түзүлүшкө Яна-Индигирка синклинорийсы кирет. Ал континенттик шартта пайда болгон көмүрлүү чөкмө тектерден ж-а жанар тоо сериялары нан түзүлгөн. СССРдин аймагы геол. өнүгүү тарыхы б-ча 2 этапка бөлүнөт. Алгачкы этап архейден протерозойдун ортосуна чейин 3 млрд жылдан ашыгыраак убакытка созулган. Экинчи этап протерозойдон кайнозойго чейинки мезгил, узактыгы 1,5 млрд жыл. Биринчи этапта батыш Европа ж-а Сибирь платформаларынын кристаллдуу фундаменти түзүлгөн. Экинчи этапта аларды жаап жаткан чөкмө тоо тектер ж-а геосинклиналь бүктөлүү кырчоолору өнүккөн.



1. Борб. Тянь-Шань. Кан-Тенир чокусу. 2. Таж-п. Ленин чокусу. 3. Туркмен ССРи. Жылып жүрүүчү кум. 4. Калинин обл. Борб. токой коругу. 5. Охота деңизиндеги Түлөндүү а.

Кен байлыктары. Сов. Союзу ар түрдүү пайдалуу кендерге бай. СССР — көмүрдүн, нефтинин, табигый газдын, темир ж-а марганец рудаларынын, түстүү металл рудасынын, калий тузунун, фосфат сырьёсунун чалгындалган запасы б-ча дүйнөдөгү башкы мамлекет. Нефть м-н газдын кени Кавказда, Волга м-н Уралдын аралыгында, Батыш Сибирь, Коми АССРи, О. Азия ж. б. райондордо жайгашкан. СССРдеги көмүрдүн жалпы геол. запасы 7 *триллион* тга жакын. Ири көмүр бассейндери: Донбасс, Кузбасс, Печора, Лена, Тунгус, Канск-Ачы, Караганды, Түш. Якут. Темир рудасынын көптөгөн кендери бар; ирилери: Кривой Рог, Керчь бассейндери, Курск магнит аномалиясы, Урал, Каз-н, Сибирдеги кендери. Марганец рудасынын кени Грузия м-н Украинада; титан м-н хромдуку — Урал м-н Батыш Каз-нда; жез рудасыныкы — Урал, Каз-н, О. Азия, Закавказьеде; коргошун м-н цинктики— Каз-н, О. Азияда, Закавказьеде. Алюминий сырьёсунун кени Урал м-н Каз-нда; калайдыкы — Якут АССРи м-н Магадан обл-нда; никель ж-а кобальт — Норильск м-н Кола ж. а-нда; вольфрам ж-а молибден рудалары — Түн. Кавказ, О. Азия, Ы. Чыгышта. Алтынды Урал, Каз-н, Сибирь ж-а Ы. Чыгыштан казып алат. Металл эмес пайдалуу кендеринен айрыкча калий тузунун запасы (Урал, Белоруссия, Батыш Украина, Түркм-н) көп. Алмаздын кени—Якутияда. Ар түрдүү курулуш материалдардын запасы бар.

Климаты. СССРдин климаттык шарттарынын ар түрдүүлүгү анын аймагынын чоңдугу ж-а орографиялык түзүлүшүнүн татаалдыгына байланыштуу. Өлкөнүн четки түндүгүнүн ж-а Түн. Муз океандагы көпчүлүк аралдардын климаты арктикалык. СССРдин европ. бөлүгүнүн ж-а Батыш Сибирдин түндүгүнө (Үюл төгерегине чейин), Орто ж-а Чыгыш Сибирге (70° ж-а 60°—64° түн. кеңдиктердин аралыгында) субарктикалык, европ. аймактын ж-а Сибирдин калган бөлүктөрүнө, о. эле О. Азияга (40° түн. кеңдикке чейин) мелүүн, Закавказьенин жарымы ж-а О. Азиянын түштүгүнө субтропик климат мүнөздүү. Өлкөнүн көп бөлүгүнүн климаты континенттик, ал батыштан чыгышты карай артат. Ы. Чыгыштын түш. райондорунун климаты муссондук (Тынч океан деңиздеринин таасиринен). Кыпы бардык жерде ысгаардуу. Январдын орт. темп-расы түш.-батыштан түн.-чыгышты карай 6°Сден (Батуми)—50°Сге (Верхоянск) чейин, абанын жайкы темп-расы жалпысынан түндүктү карай төмөндөйт. Июлдун орт. темп-расы О. Азиянын түш. райондорунун айрым жерлеринде 30°Сден ашык, өлкөнүн ортоңку тилкесинде 15—16°Сден 20—21°Сге, Түн. Муз океандын жээктеринде 0°Сден 12°Сге чейин. Жаан-чачындын негизги массасы жылдын жылуу мезгилине туура келет; ортоңку тилкеде анын саны батыштан чыгышты карай 500 *мм*ден 150—200 *мм*ге чейин азаят; Батыш Закавказьеде 1000—2000 *мм*, Туран ойдуңунда 50 *мм*. Сибирдин ж-а Ы. Чыгыштын түн. бөлүгүнүн ысгаардуу, кескин континенттик климаты кышында кыртыштын терең катмарына чейин тоңушуна ж-а *коп жылдык тоңдун* кеңири таралышына себеп болот.

Гидрографиясы. СССРдин аймагы 3 океандын алабына кирген 12 деңиз (Түн. Муз океандын деңиздери — Баренц, Ак, Карск, Лаптевдер, Чыгыш Сибирь, Чукча; Тынч океандыкы — Беринг, Охота, Япон; Атлантика океанныкы — Балтика, Кара, Азов) м-н чулганын турат. Бардык деңиздердин транспорттук мааниси чоң; балык уулоо ж-а деңиз айбандарынын промыселдик району катары маанилүү. Сов. Союзунда 150 миңден ашык дарыя (уз. 10 *км*ден кем эмес) бар. Көбү Түн. Муз океандын алабына таандык, алардын эң ирилери: Түн. Двина, Печора, Обь, Енисей, Лена, Индигирка, Колыма. Ы. Чыгыштын дарыялары Тынч океанга (Амур, Анадырь, Пенжина, Камчатка ж. б.) куят. Атлантика океанынын алабына Дунай (СССРде дельтасынын бир бөлүгү), Днестр, Днепр, Кубань, Дон, Нева, Батыш Двина кирет. Кавказдын чыгыш райондору, Чыгыш Европа түздүгүнүн бир бөлүгү, О. Азия ж-а Каз-н Арал-Каспий *туюк областына* кирет. Мында Каспий деңизине—Волга, Урал, Эмба, Кура, Кума, Арал деңизине Сыр-Дарыя м-н Аму-Дарыя култ. Тянь-Шань м-н Памирдин дарыяларынын бир бөлүгү Борб. Азия туюк обл-на таандык. Түн. Муз океанга куйган дарыялардын суусу мол,

эң ири дарылсы — Енисей (жылдык агымы 548 км³). СССРдин дарыяларынын көбү 1—2 айдан (түш. райондордо) 8—9 айга (Сибирдин түндүгүндө) чейин муз м-н капталат. Гидроэнергиянын запасы б-ча СССР дүйнөдө 1-орунда.

Өлкөдө 250 миңден ашык көл бар. Ар биринин аянты 10 миң км²ден ашкан 5 көл (Каспий, Арал, Байкал, Балкаш, Ладога), 1 миң км²ден ашык 14 көл (Онега, Таймыр, Ысык-Көл, Чуд-Псков, Ханка, Севан ж. б.) бар. Бардык ири суу сактагычтар (Рыбинск, Иванков, Куйбышев, Каховка, Цимлянск, Братск, Нурек ж. б.) Совет бийлигинин жылдарында ГЭС куруудан пайда болгон.

Топурагы. СССРдин аймагы түндүктөн түштүккө карай ыраattуу түрдө алмашылуучу бир нече топурак зонасына бөлүнөт: арктика ж-а тундра (Арктика а-дары м-н Түн. Муз океандын жээк тилкелери; СССРдин аянтынын 80%ине жакынын ээлейт), күл ж-а тоң-тайга (Чыгыш Сибирде) 33% аянтты ээлейт, чым-күл (мында чым көң-саз ж-а глейлүү күл топурагы да кеңири таралган), боз токой, күрдүү кара (СССРдин аянтынын 9%ине жакыны), каштан (Кавказдын түн. этегинен Алтайга чейин; Чыгыш Европа түздүгүнүн түш.-чыгышы м-н Каз-ига кургак талаа ж-а жарым чөл топурагы мүнөздүү), солонец ж-а шор топурак (ар жерде аралча түрүндө жайгашат), куба күрөң жарым чөл топурагы (Каспий бою ойдуңунун көп бөлүгүн, Торгой платосун ж-а Борб. Каз-нды ээлейт) ж-а чөл топурак (боз, боз-куба күрөң ж-а такыр) зоналары. Кавказдын Кара деңиз жээгинин түштүгү м-н Ленкоран ойдуңунда (нымдуу субтропик) сары ж-а сары күл топурагы, Ажар АССРинде кызыл топурак өөрчүгөн. СССРдин аймагынын 31%ин ээлеген тоолуу райондордо топурак бийиктик алкактуулук б-ча жайгашкан.

Флорасы. СССРдин жери, өзгөчө аның түш. тоолуу райондору өсүмдүктөрдүн түрлөрүнө өтө бай. Тоо кыркаларында өсүмдүктөр алкактуулукка жараша жайгашат. СССРде таталл түзүлүштүү өсүмдүктүн 20 миңден ашуун, мамык чөптөрдүн 20 миң түрү өсөт. Жөнөкөй түзүлүштүү өсүмдүктүн 50 миң, балырлардын 10 миң, эңилчектердин 5 миң, козу карындардын 35 миң түрү кездешет. Жалпысынан СССРде өсүмдүктүн 90—100 миң түрү (бактерилар м-н актиномицеттерди коштогондо) таралган. СССРдин флорасы төмөнкү областтарга бөлүнөт: Арктикага жакын уюлдук чөл областында өсүмдүктөр жокко эсе, чоң таштардын айрым жаракаларында гана эңилчектер, балырлар ж-а мамык чөптөрдүн кээ бир түрлөрү, сууктан далда чуңкурларда бирин-серин гүлдүү өсүмдүктөр кездешет. Тундра зонасында көбүнчө мамык чөптөр, эңилчектер, кээде жапыз бадалчалар бар.

Бул областта, о. эле сейрек өскөн кайыңдуу, ольхалуу, карагайлуу токойлор бар, арасында марал кулак, балтыркан ж. б. сыяктуу бийик өскөн көп жылдык чөп өсүмдүктөр жолугат. Ы. Чыгыштын жазы жалбырактуу токоюнда муссон климатынын таасири болгондуктан ийне жалбырактуу карагайлар, эмен, липа, зарап, кайың, о. эле жармашып өсмө бадалдар ж-а чөп өсүмдүктөрдүн түрлөрү бар. Европалык жазы жалбырактуу токой областынын негизги өсүмдүктөрү: эмен, зарап, ак чечек, липа, кара жыгач ж-а кайыңдын түрлөрү, о. эле бадалдар, тошолмө арчалар, рододендрондор, бийик чөп өсүмдүктөр. Евразиялык талаа областында — дүңгөлүү көп жылдык чөп өсүмдүктөр мүнөздүү, өзгөчө дан өсүмдүктөрү — бетеге, кодоо, өлөңдүн түрлөрү кеңири таралган, о. эле эфемероиддер, эфемерлер өсөт. Чөл областына сөксөөл, терескен, кемпир муштум, баялыш мүнөздүү.

Фаунасы. СССРдин деңиздердеги ж-а кургактагы шарттардын түрдүүлүгүнө ж-а аймагынын кеңирилигине жараша фаунасы өтө көп түрдүү. Ошону м-н бирге аймагынын ж-а курчап турган деңиздердин басымдуу бөлүгүнүн түндүктө болгондугуна байланыштуу башка тропик ж-а экватор өлкөлөрүнүн фаунасына караганда түрлөрө анча бай эмес. СССРде сүт эмүүчүлөрдүн 300, канаттуулардын 760, сойлоочулардын 140, жерде-сууда жашоочулардын 30, балыктардын 1400, оймок ооздуулардын 9, баш сөөксүздөрдүн 1, челдүүлөрдүн 130, ийне терилүүлөрдүн 410, моллюскалардын 2000че, курт-кумурскалардын 90000 (алардан: көп канаттуулардын 20000, жаргак канаттуулардын 1000, көпөлөктөрдүн 8500, көңүздүн 25000, ийнеликтердин 160 түрү ж. б.), хелицерлердин 5000ге (алардан: жөргөмүштөр 2000, чаяндар 12, кенелер 2500 ж. б.), рак сымалдардын 3000, муунак курттардын 1100, былпылдактардын 300, ийне терилүүлөрдүн 410 ж. б. түрлөрү таралган. Жаныбарлардын таралышы түндүктөн түштүктү карай көбөйөт. СССРдин аймагындагы деңиз жээктери ж-а араалдарынын фаунасына көбүнчө деңизде жашоочу сүт эмүүчүлөр (түлөп, суу жолборсу, ак аюу), куштар (чардактар, көкүй ордектер ж. б.) кирет. Тундра ж-а токойлуу тундра фаунасына бугу, ак түлкү, лемминг, ак үкү, ак чил, арыс, казордок ж. б. токой зонасына күрөң аюу, багыш, сүлөөсүн, булгун, россомаха, коён, момолой, токой мадылы, чил, кайчы тумшук, мукур, уссури жолборсу ж. б. тиричилиги токой м-н байланыштуу жаныбарлар мүнөздүү. Токойлуу талаа зонасында чычкан, момолой, аламан, тоодак, бүркүт ж. б. талаа ж-а токой зонасына мүнөздүү жаныбарлар кездешет. О. Азия ж-а Түш. Каз-нда чөл зонасы жатат. Анда кум чычкан, кош аяктар, жейрен, кулан, чаар күзөн, кум мадылы, чөл каргасы, таранчылар, тоодак, эчки эмээр, геккон, ар кандай жылан ж. б. бар. Кавказ, О. Азия, СССРдин Түш. Европасында ж-а Алтай тоолуу райондорунда тоо жаныбарлары — мо молойлор, чыйылдак чычкандар, тоо теке, аркар, суурлар, кавказ ж-а каспий уларлары, каракур, тоо таранчы сы, арчачы балта тумшук, мукурлар тоо казы ж-а курт-кумурскалар өте көп.

Калкы. 1979-ж. СССРдин калкы 1913 жылга салыштырганда 64,8% өскөн Окт. рев-ясына чейин дыйкандар м-н кол өнөрчүлөр калктын ²/₃сүн, жумушчу ж-а кызматчылар 17%ин түзгөн. 1976-ж. жумушчу м-н кызматчылардын салыштырма салмагы жалпы калктын 84,3%ине жеткен. СССРдин калкы билим деңгээлинин жогору болушу м-н мүнөздөлөт.

СССР — көп улуттуу мамлекет. Эң көбү орустар (129 015 миң: 1970-ж.), 2-орунда украиндер (40 753 миң), алардан башка өзбек, белорус, татар, казак, азерб-н, армян, грузин, молдаван, литва, кыргыз ж. б. улуттар жашайт. Сов. Союзунун калкы 130ч тилде сүйлөйт (аның 70и — адабий тил. 50дөйү жаш жазмалуу). СССР элдеринин түпкүлүктүү калкының тили 15 союздук респ-кага, 20 автоном ия респ-кага, 8 автономия областы ж-а 10 автономия округуна таралган СССР элдеринин тилдери ар башк тил үйларына ж-а тил топторуны таандык тилдерден турат. Калкыны орт. жышт. 1 км²ге 11,7 киши. СССР дин европ. бөлүгүнүн борб. райондорунда, о. эле Донбасста, Украинанын Днепр д-нан батыштагы райондорунда, Молд. ССРи, Закавказье м-н О Азиянын көп райондорунда жыш отурукташкан. Шаар калкы 62%. Өлкөдө 2040 шаар, 3784 ш. т. посёлка бар (1977). СССРдеги калкы 1 млн-дон ашык 18 шаар бар (1979-жылдагы ак каттоо б-ча), алар: Москва 8011 миң шаар айланасы м-н), Ленинград (458 миң, шаар айланасы м-н), Киев (2144 миң), Ташкен (1779 миң), Баку (1550 миң. шаар айланасы м-н), Харьков (1444 миң), Горький (134 миң), Новосибирск (1312 миң), Минск (1276 миң. шаар айланасы м-н), Куйбышев (1216 миң), Свердловск (121 миң), Днепропетровск (1066 миң), Тбилиси (1066 миң), Одесса (124 миң), Челябинск (1031 миң), Донецк (1021 миң), Ереван (1019 миң), Омск (1014 миң). Ар биринин калкы 500 миңден ашкан 27 шаар бар. Совет бийлигинин жылдарында пайда болгон шаарлардын ирилери: Воркута, Салават, Магнитогорск, Рустави, Норильск, Братск, Ангарск, Комсомольск-на-Амуре ж. б.

Тарыхы. Алгачкы жамааттык түзүлүш. СССРдин тарыхы — Чыгыш Европа, Закавказье, О. Азия, Сибирь ж-а Чыгыш ты миңдеген жылдардан бери мекендеген элдердин тарыхы. Бул элдер көп жылдар бою өзүнүн мамл. ж-а улуттук көз карандысыздыгы, социалдык теңчилик үчү күрөшүп келген ж-а тарыхта биринчи болуп соц. мамлекетти түзүшкөн. СССР аймагын адам алгачкы палеолиттен баштап мекендеген. Ага шелль мад-тына ч. 600—400 миң жыл мурун) таандык Арменциядагы Сатани-Дар турак жайы күбө. Кавказ, Украина ж-а О. Азиядан ашель мад-тынын (б. з. ч. 400—100 миң жыл) калдыктары табылган. Мындан 300 миң жыл мурда азыркы Кыргыздын аймагын өздөштүрүү башталган. Соңку палеолит мезгилинде (б. з. ч. 35—10 миң жыл) адамдар Урал бою ж-а Печорага, Батыш Сибирь ойдуңу м-н Байкал аймагына, ортоңку Лена ороонуне тараган. Неолитте (б. з. ч. 6—2 миң жыл) уруучулук түзүлүш андан ары өнүгүп, дыйканчылык м-н мал чарбачылыгы пайда болгон. Коло доорунда (б. з. ч. 3—2 миң жыл) уруу союздары түзүлгөн. Б. з. ч. 1-миң жылдыктын 1-жарымында көпчүлүк жерге (түн. ж-а түн.-чыгыш райондорунан башка) темир иштетүү тараган.

Кул ээлик түзүлүш. Б. з. ч. 8-к-да азыркы Армения аймагы Урарту мамлекетинин составына кирип, б. з. ч. 4—3-к-дын аягында *Улуу Армения* мамлекети түзүлгөн. Ошол эле мезгилде бирдиктүү армян улуту калыптанган. Б. з. ч. 4—3-к-дын аралыгында азыркы Грузиянын чыгыш р-ндорунда Иберия падышалыгы түзүлгөн. Б. з. ч. 4-к-дын аягында Азерб-ндын түштүгүндө кул ээлик Атропатен, ал эми б. з. ч. 1-к-да түн. аймагында Албания мамлекети түзүлгөн. Б. з. ч. 6-к-да О. Азия аймагын Ахеменилер басып алган. Б. з. ч. 4-к-да Хорезм көз карандысыз мамлекети түзүлгөн. Б. з. ч. 3-к-дын ортосунда О. Азиянын Бактрия, Согд, Маргиана аймактары *Грек-Бактрия падышалыгына* кирген. Б. з. ч. 3-к-дын ортосунда О. Азия аймагынын бир бөлүгү *Парфия падышалыгына*, б. з. 1—4-к-нда Кыргыздын түш. райондору Кушан падышалыгына кирген. Б. з. ч. 6—5-к-да Кара деңиз боюнун түндүгү грек баскынчыларынын объектисине айланган. Б. з. ч. 5-к-да Ольвия, Херсонес ж. б. полис-шаарлары Боспор падышалыгына бириккен. Б. з. ч. 4-к-да скиф урууларынын союзу Дунайдан Донго чейинки аймакты ээлеген өзгөчө кул ээлик мамлекет түзгөн.

Феодалдык түзүлүш. Б. з. 1-миң жылдыгынын ортосунда Закавказьеде, 5—8-к-да О. Азияда, 6—8-к-да Чыгыш славяндарда, 9—11-к-да Балтика боюндагы элдерде феодализм калыптана баштап, ал процесс Закавказье м-н О. Азияда 9—11-к-да, чыгыш славяндарда 11-к-да аяктаган. 301-ж. Армения, 3—4-к-да Грузия, 4-к-да Кавказ Албаниясы христиан динин мамл. дин катары кабыл алган. 6—10-к-да грузин эли, 11—13-к-да азерб-н эли калыптанган. О. Азияда феодализмдин түзүлүшүнө өзгөчө таандык уруулары м-н *Түрк каганаты* чоң роль ойногон. 6—7-к-да Кыргыздын аймагы Батыш Түрк каганды тына (601—704) кирип, хан ордосу — Суяб ы. Чүй өрөөнүндө жайгашкан (к. *Батыш түрк каганаты*). 8-к-дын ортосунда О. Азия аймагы *Араб халифатынын* сурагында туруп, ислам үстөм динге айланган. Халифат жоюлган соң О. Азия Тахирилер, кийин Саманилер мамлекетине кирген. 9—10-к-да тажик эли түзүлгөн. 10—12-к-дын аягында О. Азия аймагы Газневилер, Караханилер, Кидандар, Хорезм мамлекеттерине кирген. 9—11-к-да түркмөн эли калыптанган. 8-к-да Түш. Приморье м-н Ы. Чыгыштын кээ бир жерлери алгачкы феод. Бохай мамлекетине кирген. 7-к-дын ортосунда Хазар каганды Волга боюнун түштүгү, Түн. Кавказ, Азов боюндагы көчмөн ж-а жарым көчмөн урууларды бириктирген. 10-к-да Ортоңку Волга боюнда Волга-Кама Болгариясы түзүлгөн. 10—13-к-да азырку Латвия м-н Эстония аймагын урук-уруу башчылары бийлеген. Латыш ж-а эстон элдеринин калыптаныш процесси башталып, литва уруусу алгачкы коомдук түзүлүштөн феодализмге өтүү стадиясында болгон. Чыгыш славяндар алгачкы коомдук түзүлүштөн өле феодализмге өткөн.

6—9-к-да чыгыш славян уруулардын союзу куралып, 8—9-к-да алгачкы феод. мамлекет — *Киев Русу* түзүлгөн. 988—989-ж. христиан дининин православный тармагы мамл. дин катары кабыл алынган. Феод. мамилелин өнүгүшү м-н тап күрөшү да күчүгөн. 10-к-да 11-к-дын 1-жарымында Киев мамлекетинин мад-ты гүлдөп, саясаты жактан о. кылымдагы күбаттуу ири мамлекетке айланган. Орус, украин ж-а белорус элдеринин негизин түзгөн байыркы орус эли калыптанган. Рустун феод. бөлүнүшүнөн улам 12-к-да Новгород феодалдык республикасы, Владимир-Суздаль, Галиция-Волынь ж. б. княздыктары түзүлгөн.

13-к-дын башында Түш. Сибирь, О. Азия, Закавказье, Чыгыш Европа аймагында Чыңгыс-хан баштаган *монгол-каратуулары* башталып, *Монгол феодалдык империясы* түзүлгөн. Латвил м-н Эстония жериндеги алгачкы феод. мамилелин өнүгүшүн немец, швед ж-а дат феодалдарынын 13-к-дагы каратуулары узгултүкө учураткан. Алардын Руска кол салышы, *Нева салгылашы* (1240) ж-а *Муздагы салгылаш* (1242) орус аскерлеринин жеңиши м-н аяктаган. 13—14-к-дагы экон. жогорулаш орус жерин бириктирүү үчүн күрөшкө материалдык негиз түзгөн. Орус княздыктары ортосундагы айгышкан күрөштө Москва княздыгы жеңишке жетишип, аның айланасында орус элинин этностук ядросу түзүлгөн. 1380-ж. орус князьдарынын Дмитрий Донской баштаган кошуундары *Куликов салгылашында* монгол-татарларды талкаланган. 1204-ж. алгачкы феод. мамлекет — *Литва улуу княздыгы* түзүлгөн. Ошол мезгилде литва эли да калыптанган. 14-к-дын 2-жарымында молдаван, 15-к-да украин ж-а белорус эли калыптанган. Украина м-н Белоруссиянын жери Литва улуу княздыгына, Польшага ж. б. кирген. 16-к-дын башынан Молдавия Осмон империясынын өзүнчө бөлүгүнө айланган. Ошол учурда Түн.-Чыгыш Рустун монгол-татар өзүнчө каршы бөшт. үчүн күрөшү мамлекетти чыңдоо ж-а чарбанын жандандыруу м-н коштолгон.

Москванын улуу князы Иван IIIүн (1462—1505) түшунда Рустагы монгол-татар өзүнчү кулаган (1480). 15-к-дын 2-жарымы — 16-к-дын башында бирдиктүү Россия мамлекети түзүлгөн. 16-к-да кыргыз, казак, латыш ж-а эстон элдеринин калыптануу процесси аяктаган. 1569-ж. Литва м-н Польша *Речь Посполита* мамлекетине бириккен.

16-к-дын ортосунда, падыша *Иван IV Васильевич Грозныйдын* түшунда Россияда монархия түзүлүп, Земский собору сында манархия түзүлүп, Земский собору сында монархия түзүлүп, Земский собору чакырылган, мамл. менемелердин борборчакырылган, мамл. менемелердин борбордошкон системасы — приказдар түзүлгөн. Казан (1552) ж-а Астрахань (1556) ханыгыгуу үчүн *Ливон согушу* болгон. 1581-ж. Сибирди өздөштүрүү башталып, бирдиктүү Россия мамлекетинин чыңалышына, мад-тынын өсүшүнө шарт түзүлгөн. Иван IVүнүн *опричнина* аркылуу жеке бийликти чыңоо аракети мамлекеттин жакырланышына алып келген.

16-к-дын аягында крепостнойлук укуктун орношу өл массасында нааразылыкты пайда кылып, 17-к-дын башында дыйкандар согушу чыккан. Социалдык-саякандар согушу чыккан. Социалдык-саясий кризистен пайдаланган поляк ж-а швед феодалдарынын Россияга жасаган интервенциясы К. М. Минин м-н Д. М. Пожарский жетектеген орус элинин улуттук-бошт. күрөшүнүн жеңишин м-н аяктаган.

Болжол м-н 17-к-да орус тарыхында жаңы мезгил башталып, анда крепостнойлук чыңдалган, рынокту байланыш ослук чыңдалган, рынокту байланыш ослук, майда рыноктор бүткүл россиялык кен, майда рыноктор бүткүл россиялык кен, майда рыноктор бүткүл россиялык кен

ры сакталып калган. Крепостнойлук укуктун жоюлушу ж-а бурж. башка реформалар феод. монархияның бурж. монархияга айланышын тездеткен. 60-жылдардан Россиядагы рев-ячыл бошт. кыймылдын экинчи — разночиндик же бурж. демокр. этабы башталган. Кыймылды Н. Г. Чернышевский ж-а Н. А. Добролюбов жетектеген. 60-жылдары *«Жер жана эркиндик»* рев-ячыл үюму түзүлгөн. 70-жылдардын башында жеке бийликке каршы революционер-народниктер күрөшкөн. Капит. өндүрүш мамилелер андан ары өнүгүп, 80-жылдары өө. ж. төңкөрүшү алыктаган. Коомдук жаңы тап — *буржуазия* м-н *пролетариат* калыптанган. Жумушчулардын түңгүч үюмдары 1875-ж. Одессада «Жумушчулардын түштүк россиялык союзу» ж-а 1878-ж. Петербургда «Орус жумушчуларынын түндүк союзу» пайда болгон. 80-жылдардын аягынан — 90-жылдардын башында жумушчу табы бошт. күрөшүнүн негизги кыймылдаткыч күчүнө айланган. Россияда марксчик ийримдер ж-а топтор пайда болгон. Марксизм идеясын тараткан Г. В. *Плеханов* баштаган *«Эмгекти эркиндикке чыгаруу»* тобу (Женева, 1883) корунуктүү роль ойногон. 1817—64-жылдардагы *Кавказ согуштары* Чечня, Тоолуу Дагстан ж-а Түн.-Батыш Кавказдын Россия империясына кошулушу м-н аяктаган. 19-к-дын 60—80-жылдары Россияга О. Азиянын басымдуу көп бөлүгү биригтирилген. 19-к-дын ортосунда Кыргыздын Россияга жакындашына ыңгайлуу шарттар түзүлгөн. Алгач ысык-көлдүк кыргыздар, 1868-ж. Түн. Кыргыздын бардык бөлүгү Россия империясынын курамына кирген. *Кокон хандыгы* жоюлган соң (1876), Кыргыздын түштүгү Россия букаралыгына өткөн. Орус эмес улуттардын Россияга биригишин падышалыктын улуу державалык ж-а колон. салсатына карабай прогрессчил мааниге ээ. Орус эли м-н экон. байланыш өндүргүч күчтөрдү өнүктүрүүгө, алдыңкы орус мад-ты ж-а бүткүл россиялык рев-ячыл кыймыл м-н баарлашууга жол ачкан. Натыйжада бул өлдөрдүн тарыхый тагдыры орус элинин тарыхы м-н анкырагыс байланышта болуп калды.

19-к-дын 2-жарымында орус, украин, белорус, эстон, латыш, литва, грузин, армян ж-а молдаван бурж. улуту калыптанып, азерб-н, казак, кыргыз, армян ж-а өзбек өлдөринин бурж. улут болуп куралуу процесси күчөгөн. Россиянын тышкы салсий максаты Франция м-н Германиянын ортосунда дүйнөнү белүштүрүү ж-а Европада өзүнүн гегемониясы үчүн активдүү күрөш жүргүзүүну ишке ашыруу болгон. 1877—78-жылдагы орус-түрк согушунда Россиянын жеңишин ашкан Австрия-Венгрия ж-а Германия м-н маилесин курчуткан. Кытай м-н тынчтык сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында Айгун (1858) ж-а Пекин келишимдери (1860) б-ча Россияга Амур бою ж-а Приморье өткөн. 1875-ж. Япония м-н болгон келишим б-ча Сахалин бүтүндөй Россияга өткөн.

19—20-к-дын чегинде Россия дүйнөнүн башка мамлекеттериндей өле капитализмдин жог. стадиясы—*империализмге* кирген. Россиянын бардык райондору экон. жактан бир кылка өнүккөн эмес. Кээ бир өлдөр патриархалдык-уруулук мамилenин калдыктары сакталган өнүгүүнүн феод. стадиясында турган. Натыйжада Россиянын коомдук түзүлүшүндө капитализмдин жаңы формасы монополияга чейинки форма м-н, ал өми капит. мамиле крепостнойлук мамилenин күчтүү калдыктары м-н чиеленишкен. 20-к-дын башында Россия дүйн. рев-ячыл кыймылдын борборуна, орус пролетариаты дүйн. пролетариаттын авангардына айланган. Россия империализмдин бардык карама-каршылыктарынын түйүнү болгон.

19-к-дын 90-жылдарынын ортосунда Россиянын бошт. кыймылында ил. социализм идеясын чагылдырган пролетардык этап башталган. 1895-ж. В. И. Ленин марксчыл топ м-н бирге *Петербургдагы «Жумушчу табын эркиндикке чыгаруу үчүн күрөш союзун»* уюштуруп, ал марксчыл, рев-ячыл пролетардык партияны түзүү үчүн күрөш жүргүзгөн. 1898-ж. *РСДРПнин 1-съезди* Россиянын с.-д. жумушчу партиясынын түзүлгөндүгүн жарыялаган. Жаңы типтеги пролетардык партияны түзүү үчүн күрөштө Лениндик *«Искра»* чечүүчү роль ойногон. *РСДРПнин 2-съездинде* (1903) партиянын Программасы м-н Уставы кабыл алынып, Россия эмгекчилеринин рев-ячыл күрөшүн жетектеген Лениндик большевиктер партиясы негизделген (к. *Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы*). Натыйжада Россия ленинизмдин мекени болуу м-н рев-ялык өйдүн ж-а кыймылдын дүйн. борборуна айланган. Падышалыктын *орус-япон согушунда (1904—05)* жеңилиши өлкөдөгү рев-ячыл кризисти тереңдеткен. Россиядагы 1905—07-жылдагы бурж.-демокр. рев-я — империализм доорундагы биринчи өлдик рев-я, Окт. рев-ясынын ген. репетициясы болгон. Империализм түшүндө Россияда соц. рев-ялын экон. ж-а салсий өбөлгөлөрү түзүлүп, *биринчи дүйнөлүк согуш (1914—18)* өлкөдө рев-ялын башталышын илдамдаткан. 1916-жылдагы рев-ялык кырдаалдан Февраль бурж.-демокр. рев-ясы (1917) башталып, натыйжада жеке бийлик кулаган.

Социализм доору. В. И. Ленин баштаган большевиктер партиясы 1917-ж. март айында подпольеден чыгып, күзүндө Россия пролетариатынын массалык партиясына айланган ж-а бурж.-демокр. рев-ялан соц. рев-яга өтүү үчүн күрөштүн планын иштеп чыккан (к. *Апрель тезистери*). Улуу Окт. соц. рев-ясы натыйжасында Россияда капиталисттер м-н помещиктердин бийлиги кулатылып, *пролетариат диктатурасы* орнотулган. Капитализм талкаланып, социалдык ж-а улуттук өзүү жюолган. В. И. Лениндин жетекчилиги м-н өткөн Советтердин бүткүл россиялык 2-съезди *Тынчтык жөнүндө декрет* ж-а *Жер жөнүндө декрет* кабыл алган. Совет өкмөтүнүн жог. органы — ВБАКты ж-а *Өл Комиссарлар Советин* (ӨКС) шайлаган. Петроградда Совет өкмөтү орнон, Советтердин бүткүл россиялык 2-съезди тарыхый чечим кабыл алган соц бардык өлкө б-ча *Совет бийлигинин салтанаттуу жүрүшү* башталган. 1917-ж. 2(15)-ноябрда Совет өкмөтү Россиядагы *эзилген өлдердин укуктарынын декларациясын* жарыялаган. Кыргызда Совет бийлиги 1917-жылдын октябрынан орной баштап, 1918-жылдын ортосунда анын бардык аймагында жеңип чыккан. Жумушчу, дыйкан ж-а солдат депутаттар советинин бүткүл россиялык 3-съезди 1918-ж. январда Россия Федерациялык Сов. Соц. Респ-касы (РСФСР) түзүлгөндүгүн жарыялаган. 1917-ж. 2(15)-декабрда РСФСР БАК Германия м-н согушту убактылуу токтотуу ж-дөгү келишимге кол койгон. 1918-ж. 3-мартта *Брест тынчтыгы* түзүлгөн. Советтердин бүткүл россиялык 5-съезди (1918, 10-июль) сов. биринчи Конституциялы — РСФСР Конституциясын кабыл алган.

Россияда бийликтен четтеген эзүүчү тап чет өлдик империалисттердин колдоосу м-н Совет бийлигин кулатуунун көздөштү [к. *Россилдагы граждандык согуш жана чет өлкөлүк интервенция (1918—20)*]. Гражд. согушта Коммунисттик партия ж-а Совет өкмөту баштаган совет өли жаңын куралдуу күчтөрү өл аралык империализм м-н ички контррев-яга каршы күрөштө бүткүл дүйн. тарыхый жеңишке жеткишти. Душманды жеңүүнү уюштыруруда *РКП(б)нин 8-съездинин* (1919, март) мааниси зор. Съезд Коммунисттик партиянын социализмди куруруга багытталган жаңы программасын кабыл алган.

Совет өкмөту өлкөнү коргоо ишин адам күчүн, мамл. ресурсту мобилизациялоо үчүн *«согуш коммунизмин»* сылтуу салсий-экон. чаралар жүргүзген. *РКП(б)нин 10-съезди* (1921, март) Лениндин демилгеси б-ча азык-түлүк чачымынан азык-түлүк налогуна өтүү, «согуш коммунизминен» *жаңы экономика салсатына* (НЭП) өтүү ж-дө чечим кабыл алган. 1922-ж. 30-декабрда *СССР Советтеринин 1-съезди* ССР Союзун түзүү ж-дөгү Декларацияны бекиткен. Ага алгач РСФСР, УССР, БССР, ЗСФСР киргем. 1924-ж. 21-январда В. И. Ленин дүйнөдөн кайткан. Анын осуяттарына ишенген эмгекчилер партиянын айланасына мурдыгыдан да бекем баш кошкон. Коммунисттик партия троцкийчилер, оңчул оппортунисттер, бурж. улутчулар м-н күрөшүп, ленинизмди бекем коргоду. 1924-ж. 31-январда *СССР Советтеринин 2-съезди* ССР Союзунун биринчи Конституциясын бекиткен. 1924—25-ж. О. Азия сов. республикалары улуттук-мамл. жактан белүнген. 1925-ж. СССРдин составына Өзбек ССРи м-н Түркмен ССРи, 1929-ж. Тажик ССРи киргем. Совет өкмөту тышкы салсатында ар кандай коомдук түзүлүштөгү мамлекеттер м-н тынчтыкта жашоо мүмкүндүгү ж-дөгү лениндик принципке таянып, тынчтык салсат жүргүзгөн. *Генуя конференциясында (1922)* сов. делегация Германиянын делегациясы м-н ийгиликтүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, натыйжада 1922-ж. 16-апрелде РСФСР м-н Германиянын ортосунда дипл. мамиле орнотуу ж-дө *Рапалло келишимин* бекиткен. СССР-де калыбына келтирүү иши негизинен 1925—26-ж. аяктаган. 1926-ж. улуттук доход согушка чейинки деңгөөлдөн ашкан. *ВКП(б)нин 14-съезди* (1925, дек.) СССРда соц. *индустриялаштыруу* милдеттин койгон. *ВКП(б)нин 15-съезди* (1927, дек.) алдыдагы милдеттерди аныктап, 1-беш жылдык пландын (1929—33) директивасын кароого берген ж-а а. ч-н коллективдештирүүнү белгилеген. Биринчи беш жылдыкты аткаруу үчүн күрөштө сов. жумушчу табы эмгекте каармандыктын үлгүсүн көрсөттү. 1920—30-ж. а. ч-тегиз коллективдештирүү, анын негизинде кулактарды тап катары жоюу башталды. *ВКП(б)нин 16-съезди* (1930, июнь—июль) тарыхка социализмдин бардык фронт б-ча кеңири чабуул жайылтуу съезди катары кирген. Индустриялаштыруу ж-а коллективдештирүү м-н катар маданий рев-я да ишке ашырыла баштаган. 1930-ж. 14-августа СССР ӨКСи м-н БАК «Жалпыга бирдей башталгыч билим алуу милдети жөнүндө» токтом кабыл алган. Өлдин сабаттуулугу 58,4%тен (1928) 89,1%ке (1932) өскөн. Илим, ад-т, иск-во өнүккөн.




Кызыл Армиянын алгачкы отряддарынын бири. 1918.

20-жылдардын алгы — 30-жылдардын башында өл аралык абал татаал бойдон калган. Ы. Чыгышта кытай, япон милитаристтери активдешип, АКШ, Франция, Канада ж. б. мамлекеттер СССРге экон. блокада жарыялоого аракеттенген. 1933-ж. январда Германияда фашисттер бийликке келген. Батыштагы өлкөлөрдүн реакциячыл чөйрөлөрү фаш. агрессиянын СССРге багытгоого умтулган. Совет өкмөту агрессорго каршы коллективдүү сокку уруу системасын түзүүгө аракеттенип, 1932-ж. Франция, Латвия, Эстония, Польша, Финляндия м-н кол салышпоо ж-а бейтараптык ж-дө келишим түзгөн. 1933-ж. 16-ноябрда СССР м-н АКШнын ортосунда дипл. мамиле орнотулган. 1933-жылдын башында совет өли 2-беш жылдык планды (1933—37) аткаруурга киришип, ал да 1-беш жылдыктай өле мөөнөтүнөн мурда аткарылган. Натыйжада социализм жеңип, жаңы соц. улуттар түзүлгөн. СССРде социализмдин жеңиши 1936-ж. жалпы өлдик талкуудан өткөн СССР Конституциясында бекемделген. 1936-ж. СССР он бир союздук респ-каны биригтирген. Мурун ЗСФСРге кирген Азерб-н ССРи, ГССРи, Армян ССРи түзүлүп, СССРге кирген; Казак ж-а Кыргыз АССРлери ССР болуп кайра түзүлгөн. 1937-ж. 12-декабрда биринчи СССР Жог. Совети шайланган. 30-жылдары Сов. Союзунда Сталинидин керт башына сыйынууга байланыштуу кыйынчылыктар пайда болгон. Жеке адамга сыйынуу Коммунисттик партиянын ишине, сов. коомго өз залалын тийгизгени м-н сов. коомдук түзүлүштүн, соц. мамлекеттин мазмунун өзгөртө алган эмес.

ВКП(б)нин 18-съезди (1939, март) өл чарбасын өнүктүрүүнүн 3-беш жылдык планын кабыл алган. 1939-ж. 1-сентябрда фаш. Германия Польшага кол салып, экинчи дүйн. согуш (1939—45) башталган. Кызыл Армия 17-сентябрда гитлердик басып алууну алдын алуу максатында чек арадан өтүп, Батыш Украина м-н Батыш Белоруссияга кирген. 1939-ж. өз каалоосу м-н Батыш Украина УССРге, Батыш Белоруссия БССРге кошулган. Өл аралык империализмдин көкүтүүсүнөн чыккан Совет-Финляндия согушу (1939—40) натыйжасында Финляндияның бир аз бөлүгү СССРге тийип, ал Карел АССРине берилген. Ал 1940-ж. мартта Карел-Фини ССРи болуп түзүлгөн. 1940-ж. Балтика боюнда Совет бийлиги орнон, натыйжада Литва, Латвия ж-а Эстония союздук респ-ка катары СССРдин составына биригкен. 1940-ж. июнда Румыния 1918-ж. басып алган Бессарабия м-н Түн. Буковинаны СССРге кайтарып берген, натыйжада Молдаван АССРи түзүлүп, 1941-ж. Молдаван ССРи болуп СССРдин составына кирген. 1941-ж. СССРдин курамында 16 союздук респ-ка болгон.

Кол салышпоо ж-дөгү келишимди жүзөгө каралык м-н бузуп, 1941-ж. 22-июнда фаш. Германия согуш жарыялабастан СССРге кол салган. СССРдин калкы Компартиянын ж-а Совет өкмөтүнүн жетекчилиги м-н баскынчыларга каршы бошт. согушка көтөрүлүп, соц. Ата Журтту коргоодо тендеши жок эрдикти ж-а чыдамдуулукту көрсөткөн. Совет өлинин бул күрөшү Европа, Азия ж-а Америка өлдеринин бошт. күрөшү м-н коштолгон. 4 жылдык кан төгүлгөн согушта фаш. немец армиясы толугу м-н талкаланган. 1945-ж. 9-майда фаш. Германия кык этпестен багынып, Совет өлкөсү улуу Женши күнүн майрамдаган. 1945-ж. 9-августа СССР союздаштык милдеттемесин аткарып, импер. Японияга согуш жарыялап, 1945-ж. 2-сентябрда япония өкмөту кык этпестен союздаштарга багынып берүү ж-дөгү актыга кол койгон. Албагандай зор кыйроо, кырсык алып келген экинчи дүйн. согуш агрессиячылардын биротоло




Кызыл тууну рейхстагга орнотуу. Берлин. 1945-ж. 2-май.

кыйрашы м-н аяктаган. Согуш жылдарында совет өли оор кыйынчылыкка туш келип, 20 млн-дон ашык адам ж-а 30%-келип, 20 млн-дон ашык адам ж-а 30%-тей улуттук байлыгынан ажыраган. Дүйн. цивилизация фашизмден сакталып калган. Мында совет өлинин өмгеги зор. СССР Улуу Ата Мек. согушта бүткүл дүйн. тарыхый мааниси бар жеңишке жеткен, батышта ж-а чыгышта өзүнүн чек арасынын кооптуздугун бекемдеген. *Потсдам конференциясынын* чечими б-ча Сов. Союзунун составына Кёнигсберг облусу Кёнигсберг (азыркы Калининград) м-н, Пиллау (азыркы Балтийск) шаарлары м-н кошо кирген. Финляндия м-н түзүлгөн тынчтык келишим б-ча Печенга өңүрү тынчтык келишим б-ча Печенга өңүрү (Баренц денизиндеги) СССРге кайтарылган, Поркалла-Удд р-нундагы жер ж-а суу *конференциясынын (1945)* чечими б-ча СССРге Ы. Чыгышта Түш. Сахалин аймагы сындагы бардык аралдары м-н кайтарылган ж-а Курил а.-ы берилген. 1944-ж. СССРге Тува Өл Респ-касы кирген, 1945-ж. Закарпат Украинасы УССРге кошулган. СССР душманын соогутуп, саясий коомдук ж-а мамл. түзүлүшүн, соц. чарба системасы м-н коммунисттик идеологиялык артыкчылыгын даңазалаган. СССР европа өлдерин фаш. кулчулдуктан сактап, импер. Японияга каршы Азия элинин күрөшүнө жардам берген. Европа м-н Азиянын бир катар өлкөлөрүндө өлдик-демокр. ж-а соц. рев-я болуп, дүйн. соц. системасы түзүлгөн. Бошотулган райондордун чарбасы 4-беш жылдыкта (1946—50) калыбына келтирилген. 1948-ж. ө. ж. продукциясы согушка чейинки деңгөөлдөн ашкан. Совет өли беш жылдыктарда (1951—55; 1955—60) экономика ж-а мад-т б-ча бир катар ийгиликтерге жеткен. Волга ж-а Сибирь д-нда ири гидроэлектр станциялар курулуп, айдалбаган жерлер өздөштүрүлгөн, космосту изилдөө башталган. СССР биринчи болуп 1957-ж. 4-октябрда жердин жасалма жандоочусун космоско чыгарган. 1961-ж. 12-апрелде тарыхта биринчи болуп сов. адам Ю. А. *Гагарин* «Восток» кораблн м-н Жерди айлана учкан. 60-жылдардын чегинде СССР өнүккөн социализм мезгилине кирген. КПССтин 22-съезди (1961) КПССтин жаңы Программасын — Совет өлкөсүндө коммунизмди куруу программасын кабыл алган. 7—9-беш жылдыктарды аткаруу м-н совет коому андан ары өнүккөн. КПСС ж-а Совет өкмөту ил.-тех. прогрессти илдамдатуу, өл чарбасын пландоо системасын жакшыртуу, совет өлинин материалдык ж-а маданий жыргалчылыгын жогорулатуу б-ча маанилүү чараларды ишке ашырды. Сов. космонавттардын учуусу, ядро энергиясына өз болуп, аны тынчтык максатта пайдалануу, радиоэлектроника, лазер техникасы, авиация, гидрокурулгаларды өндүрүштү автоматташтыруу ж. б. жетишкен ийгиликтер илим м-н техниканын өнүгүүнүндөгү зор прогресстин күбөсү.

Соц. ж-а коммунисттик курулуш жылдарында СССРде адамдардын жаңы тарыхый жалпылыгы — совет өли түзүлгөн, пролетариат диктатурасынын мамлекети жалпы өлдик мамлекетке айланган. Өнүккөн соц. коомдун шартында КПССтин жетекчилик ролу, профсоюз, комсомолдун ролу жогорулаган. Сов. соц. демократия кеңейтилип, соц. укук тартиби өркүндөтүлгөн. СССРдеги өлдер м-н улуттар бара-бара жакындап, ар бир союздаш респ-ка ар тараптан өнүгүүдө, соц. мелдеш бүткүл өлдик мүнөзгө өтүп, эмгекке коммунисттик мамиле кылуу кыймылы кеңейтилүүдө. КПССтин 25-съезди (1976) экономика ж-а эмгекчилерди коммунисттик духта тарбиялоо б-ча жаңы милдеттерди белгилеген. 10-беш жылдыктын негизги милдети — өл турмушунун материалдык ж-а маданий деңгөөлүн жогорулатуу б-ча КПССтин ж-а СССР өкмөтүнүн багытын ыраатгуулук м-н турмушка ашыруу. КПССтин Май пленуму (1977) СССРдин жаңы Конституциясынын долбоорун негизинен кубаттаган. 1977-ж. 16-июнда СССР Жог. Советинин 9-шайланган 6-сессиясы КПСС ВКнын Ген. секретары Л. И. Брежневди СССР Жог. Советинин Президиумунун Пред-лдигине шайлаган. СССР Жог. Советинин кезексиз 7-сессиясы 1977-ж. 7-октябрда СССРдин жаңы Конституциясын (Негизги закон) бир добуштан бекиткен. 10-беш жылдыктын — натыйжалуулуун м-н сапат беш жылдыгынын планы ийгиликтүү аткарылууда. СССР тышкы салсатына соц. өлкөлөр м-н кызматташтыкты чыңдап, колониализм м-н империализмге каршы күрөшкөн өлдерди, өнүгүп келаткан өлкөлөрдү колдойт. Бүт дүйнөдегү тынчтык, жалпы ж-а биротоло куралсыздануу үчүн активдүү күрөшөт. СССР — ООНду уюмдаштыруучу ж-а ага мүчө, ООНдун Кооптуздук Советинин, *Варшава договорунун (1955)*, *Экономикалык өз ара жардамдашуу советинин* (СӨВ) мүчөсү, 80ге жакын өлкө м-н дипл. байланышта.

Куралдуу Күчтөрү — совет өлинин соц. жеңиштерин, Сов. Союз. эркиндиги м-н коз карандысыздыгын коргоочу мамл. аскер үюму. Импер. мамлекеттердин куралдуу күчтөрү буржуазиянын тапгык үстөмдүгүн коргоону, эмгекчилерди эзүүнү, башка мамлекеттердин басып алууну көздөйт. Сов. Союзу м-н башка соц. өлкөлөрдүн куралдуу күчтөрү рев-ялык жө-



1. Түрксибдин курулушу. 1920-жылдардын аягы. 2. Кара-Кум сугат каналынын 2-кезегинин ишке киргизилиши. 1960.

циптерди, соц. кызматташтыкты, өз элинин ж-а башка элдердин достугун, коопсуздугун, жалпы эле жер жүзүндөгү тынчтыкты коргойт. СССР Куралдуу Күчтөрү сов. патриотизм ж-а пролетардык интернационализм духунда, башка элдерди, улуттарды урматтоо багытында тарбияланат. Ал кургактагы аскерлер, стратегиялык максаттагы ракета аскерлери, аба чабуулунан коргоочу аскерлерден, ААК, АДКдан, аскер жетекчилеринин жог. органдарынан, чек ара аскерлери м-н ички аскерлерден куралат. СССР Куралдуу Күчтөрүнүн ар бир түрү аскер бөлүктөрүнөн ж-а атайы курал-ган аскерлерден турат, аларды башкы командачы башкарат. СССР аймагы аскер округдарына (мис., О. Азия аскер округу), деңиздерде АДФ м-н флотилияларга бөлүнгөн. СССР Жог. Совети Сов. Куралдуу Күчтөргө жетекчилик кылып, согуш ж-а тынчтык, элдин коргонуусун уюштуруу ж-дө закондор кабыл алат. СССР Жог. Советинин Президиуму Жог. Башкы командачыны дайындайт ж-а алмаштырат. Жог. Советтин сессиялары аралыгында жалпы же айрым аймактарда мобилизациялоо, согуш абалын жарыялоо, аскердик наамдарды белгилөө,маршал наамын берүү ж. б. иштер жүргүзөлөт. Куралдуу күчтөрдүн жалпы түзүлүшүн КПСС БК м-н СССР Мин. Совети башкарат. Коргоо мин-восу түздөн түз жетекчилик кылат. Анын карамагына СССР Куралдуу Күчтөрүнүн Башкы штабы, аскер түрлөрү б-ча башкы ж-а борб. башкармалар, гражд. коргонуу мекемелери кирет. Жоокерлер арасындагы парт. саясий иштерди Сов. Армиянын ж-а АДФтин Саясий башкы башкармасы жүргүзөт. Материалдык тех. жактан жабдууну тыл органдары жүзөго ашырат. Офицер кадрларды аскер академиялары, окуу жайлары ж-а билимин оркүндөтүүчү жог. курстар даярдайт.

СССР Куралдуу Күчтөрү даңктуу ж-а сыймыктуу жол басып өткөн. Ал жаш Совет өкмөтүн тышкы ж-а ички контррев-ядан коргоо үчүн курулган. 1917-ж. 26-октябрда (8-ноябрда) Совет өкмөтү түзүлөрү м-н Аскер ж-а деңиз иштери б-ча комитет, 1917-ж. 27-октябрда (9-ноябрда) ЭКС, 1917-ж. декабрда Эл комиссарлар коллегиясы түзүлүп, ал 1918-ж. эки эл комиссариатына бөлүнгөн.

В. И. Ленин 1918-ж. 15(28)-январда Жумушчу-Дыйкан Кызыл Армиясын, 1918-ж. 29-январда (11-февр.) Жумушчу-Дыйкан кызыл флотун түзүү жөнүндөгү ЭКСтин декретине кол койгон. «Социалисттик Ата Мекен коркунучта!» деп Ленин жазган чакырык-декрет м-н Совет өкмөтү 22-февралда эле кайрылгандан баштап көптөгөн аскер бөлүктөрү түзүлгөн. Ошондон бери 23-февраль жыл сайын СССРде жалпы элдик майрам катары белгиленген. 1918-ж. 4-мартта аскер иштерине жетекчилик кылуу үчүн Жог. аскер совети, 8-апрелде волостук, уезддик, губерниялык, округдук аскер комиссарыаттарын түзүү ж-дө чечим кабыл алынган. 1918-ж. 22-апрелде салтанаттуу аскер анты тууралуу декрет бекитилип, эмгекчилерге жалпы аскердик билим берүү тартиби, 1918-жылдын аягы — 1919-жылдын башында Кызыл Армиянын алгачкы Уставдары киргизилген. 1924—25-ж. аскер реформасы ишке ашырылып, 1925-ж. 18-сентябрда аскерге милдеттүүлүк жөнүндө закон кабыл алынган. СССР Куралдуу Күчтөрү кургактагы аскерлер, аба ж-а деңиз күчтөрү, Биримкен мамл. саясий башкарма (БМСБ) аскерлери ж-а конвой күзөт аскерлери болуп бөлүнгөн. 1927-ж. СССР Куралдуу Күчтөрүндө 586 миң адам болгон.

Фаш. баскынчылардын совет элине кол салуу коркунучуна байланыштуу ВКП(б) м-н Совет өкмөтү СССР Куралдуу Күчтөрүн айрыкча чек араларда бекемдөөгө көңүл бөлүп, жаңыча куралдандыруу ж-а аскерлердин жоокердик сапаттарын жогорулатуу чараларын көргөн. Улуу Ата Мек. согуш башталары м-н мамл. коргоо комитети түзүлгөн. СССР Куралдуу Күчтөрү фашист немецтерди талкалап, Польшаны, Чехосл-яны, Югославияны, Болгарияны, Румынияны, Венгрияны, Австрияны, Түн. Норвегияны азаттыкка чыгарган.

Экинчи дүйн. согуштан кийин империп. мамлекеттер НАТО, СЕАТО, СЕНТО ж. б. бир катар агрессиячыл согуш блокторун түзгөн. Түн. Атлантика союзунун (НАТО) биринкен куралдуу күчтөрүн түзүп, анда АКШ, Улуу Британия ж-а ГФР башкы роль ойногон. Импер. державалардын жарыша куралданышына карай СССР да өзүнүн куралдуу күчтөрүн дайыма күжүрмөн даярдыкка кармап турат. Коргонуу максатында европ. соц. өлкөлөр Варшава келишимине (1955) кол коюшуп, алардын биринкен куралдуу күчтөрүн түзгөн. СССР Куралдуу Күчтөрү Варшава келишимине катышкан өлкөлөрдүн биринкен куралдуу күчтөрүн чыңдоо ж-дөгү чараларды жүзөго ашырууга активдүү катышып, тынчтыкты сактоо милдетин ак ниеттүү аткарып жатат.

Эл чарбасы. СССРдин эл чарбасы— өндүрүш каражаттарын коомдук соц. менчик болушуна негизделген коомдук өндүрүштүн системасы, о. эле эмгектин коомдук бөлүштүрүлүшү аркылуу өз ара байланышкан материалдык өндүрүштүн тармактарынын ж-а өндүрүшкө тиешеси жок чойрөнүн жыйындысы. СССРдин эл чарбасы социализмдин негизги экон. законунун талабына шайкеш келүү м-н өнүгөт. Өндүрүш каражаттарына болгон соц. менчиктин 2 формасы (мамл. ж-а колхоздук-кооперациялык) бар. Негизгиси— мамл. менчик. Анын үлүшүнө бардык өндүрүш каражаттарын $^{9}/_{10}$, колхоздук-кооперациялык менчиктин үлүшүнө $^{1}/_{10}$го жакыны туура келет. Өлкөнүн эл чарбасы бириктүү жалпы мамл. пландын негизинде өнүгөт. Эл чарбасынын пландуу, пропорциялуу өнүгүшү өнүгүүнүн туруктуу жог. темпин камсыз кылат (к. 1-таблица).

СССРдин эл чарбасынын ийгиликтүү өнүгүшүнүн натыйжасында 60-жылдардын башында социализмдин материалдык тех. базасы түзүлдү. Өлкө социализмден коммунизмге акырындык м-н өтүү этабы болгон өнүккөн социализм мезгилине өттү. Өнүккөн соц. коомдун эл чарбасы ил.-тех. рев-яның шартында өнүгүп өркүндөйт. Ил.-тех. рев-яның жетишкендиктерин социализмдин артыкчылыгы м-н бириктирүү маселеси жаңы техника м-н технологияның негизинде коомдук өндүрүштү интенсивдештирүү, өндүрүштү андан ары концентрациялоо ж-а адистештирүү м-н чечилет. Ил.-тех. прогресстин негизинде эмгек өндүрүмдүүлүгү м-н коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугунун тез өсүшүнө жетишилет. Өндүрүштү интенсивдештирүүнү өнүктүрүү б-ча КПССтин саясаты ил.-тех. прогресстин өнүгүшүн тездетүүгө түртүк болду. 1961—76-ж. жаңы типтеги машина, жабдуу, аппарат ж-а приборлор 67 миңден ашык болгон.

СССРдин эл чарбасынын эң маанилүү составдык бөлүгү — материалдык өндүрүш чөйрөсү, б. а. турмуш ж-а коомдун өнүгүшү үчүн зарыл болгон өндүрүш каражаттарын ж-а керектелүүчү товарларды өндүрүүчү тармактар. Материалдык өндүрүштүн чөйрөсүнө — өнөр жайы, а. ч., курулуш, транспорт, байланыш, соода, материалдык техникалык жабдуу кирет. 1976-ж. бул тармактардын коомдук дүң продуктусу 899,8 млрд сом, анын ичинен өнөр жайы 581,2 млрд (64,5%), а. ч-ныкы 126,3 млрд (14%), курулуштуку 94,6 млрд сом (10,4%) болгон. СССРдин улуттук байлыгынын орчундуу бөлүгүн эл чарбасынын негизги фондусу түзөт. СССРдин негизги фондусу 7 жылда (1970—76) 1,5 эсе (860 млрд сомдон 1347 млрд сомго) өскөн. Бул эл чарбасынын үзгүлтүксүз өсүшүн камсыз кылат. Өлкөнүн негизги фондусунун структурасын дайыма өркүндөтүү туруу ар бир тармакта продукция өндүрүүнүн көбөйүшүнө алып келет. Айрыкча эл чарбасынын өндүрүштүк негизги фондусу тез өнүгүүдө (к. 2-таблица).

1-таблица.

СССРдин эл чарбасынын өнүгүшүнүн 1940—76-жылдардагы негизги көрсөткүчтөрү (1913-1).

	1940	1950	1960	1970	1975	1976
Коомдук дүң продукт	5,1	8,2	21	41	56	59
Өндүрүлгөн улуттук кирешe	5,3	8,8	23	46	61	65
Эл чарбасынын бардык тармактарынын өндүрүштүк негизги фондусу	2,6	3,3	8,4	19	29	32
Ө. ж-дын бардык продукциясы	7,7	13	40	92	131	137
А. ч-ның дүң продукциясы	1,4	1,4	2,2	3,1	3,2	3,3
Транспорттун бардык түрүнүн жүк жүгүртүүсү	3,9	5,7	15	30	41	43
Капиталдык салымдар	5,7	11	36,7	72	100	105
Коомдук өмгектин өндүрүмдүүлүгү	4,9	8,4	11*	36	45	47

* ө. ж-да

2-таблица.

Өндүрүштүк негизги фондулардын ж-а материалдык жүгүртүү каражатынын өсүш темпи (1940—100%).

Жылы	Бардык өндүрүштүк негизги фондулар (мал м-н бирге) ж-а материалдык айланма каражаты	анын ичинен				
		ө. ж.	а. ч.		транспорт ж-а байланыш	курулуш
			мал м-н бирге	малдан тышкары		
№ 1	2	3	4	5	6	7
1965	499	643	202	310	430	654
1970	734	955	265	448	606	1206
1975	1065	1412	372	687	885	1796
1976	1447	1520	397	749	951	1977

СССРдин эл чарбасынын ири тармагы — ө. ж. Ал 2 топтон (өндүрүүчү ж-а иштетүүчү) турат. Өндүрүүчү каражаттарын өндүрүү («А» тобу) ж-а керектөө буюмдарын өндүрүү («Б» тобу) болуп бөлүнөт. Рев-яга чейинки Россия ө. ж. начар өнүккөн агрардык-индустр. өлкө болгон. Улуу Окт. соц. рев-ясынан (1917) кийин соц. индустриялаштыруунун ыраттуулук м-н жүргүзүүнүн натыйжасында азыркы кездеги ө. ж. түзүлүп, ал басымдуу тармакка ж-а эл чарбасынын бардык тармактарын тех. реконструкциялоонун маанилүү факторуна айланды. Биринчи беш жылдыкта (1929—32) түзүлгөн ө. ж. потенциалы Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) фаш. Германияны жеңүүнү камсыз кылды. Согуштан кийинки жылдарда ө. ж-дын өнүгүшү ж-а жаңы тармактарды, өндүрүштөрдү түзүү тездик м-н улантылды. 1976-ж. ө. ж-дын дүң продукциясы 1940-жылга салыштырганда 17,5 эсе өстү, өндүрүш каражаттарын өндүрүүнүн салыштырма салмагы 61%тен 74%ке жогорулады. Жаңы тармактар ж-а өндүрүштөр (атом энергетикасы үчүн машина куруу, космостук, реактивдүү тех., үндөн ылдам авиация, вертолёт, ракета куруу, радиоэлектроника, жарым өткөргүч материалдар, лазер техника ж. б. өндүрүү) түзүлүп ж-а тез өнүгүүдө. Тех. прогрессти камсыз кылуучу тармактардын продукциясы алдыга озуу м-н өнүгүүдө: электр энергетикасы 28 эсе, химия ж-а нефть-химия 47 эсе, машина куруу ж-а металл иштетүү 54 эсе, анын ичинен машина куруу 75 эсе (1941—76). Бул тармактар 1976-ж. ө. ж-дын дүң продукциясынын 35%ин өндүргөн (24,3%; 1965). Ил. тех. прогресстин таасиринен ө. ж-да структуралык өзгөрүүлөр болууда. Эмгек, отун, энергия ж-а материалды үнөмдөөчү при агрегаттар м-н кубаттуу машиналарды түзүү процесси тездетилүүдө. Ө. ж. СССРдин башка бардык эл чарба тармактарында да тех. прогресстин 9-беш жылдыкта (1971—75) 8-беш жылдыкка (1966—70) салыштырганда өндүрүштө өздештүрүлгөн жаңы ө. ж. продукция түрлөрүнүн саны 2 эсе өстү, жабдууну модернизациялоо процесси тездеди, ойлон чыгаруу ж-а рационализациялоо кеңири кулач жайды. Ө. ж-дагы жаңы техника м-н өндүрүштүн технологиясынын негизинде 1913—76-ж. эмгектин энергия м-н жабдылышы 34 эсе, электр м-н куралданышы 56 эсе өстү. Персоналдардын ө. ж.-ондүрүштүк квалификациясы жогорулады.

СССРдин эл чарбасынын маанилүү тармактарынын бири — а. ч. Рев-яга чейинки Россияда майда дыйкан чарбасы басымдуу болгон. Товардык а. ч. продукциясынын негизги массасын ири помещиктердин ж-а кулактардын чарбалары берген. Айыл - кыштактарда а. ч-ны коллективдештирүүнүн натыйжасында ири соц. коллективдүү чарбалар — колхоздор түзүлдү. Азыркы а. ч-ның негизин совхоздор (19,6 миң, 1976) м-н колхоздор (27,7 миң) түзөт. Колхоздор— жог. деңгээлдеги өндүрүштүк концентрациясы бар коп тармактуу при чарба. 1976-ж. а. ч-ның дүң продукциясы 117,4 млрд сомду түзгөн; дан-эгиндерин өндүрүү 223,8 млн *т*, пахта 8,28 млн *т*, кант кызылча 99,9 млн *т*, эт 13 млн *т*, сүт 89,1 млн *т*, жумуртка 55,6 млрд даана, жүн 433 миң *т* болгон. А. ч. өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү ж-а а. ч. продуктусун мамл. дүң сатып алуу жогорулады. 1976-ж. колхоз-совхоздордун негизги фондусу 1940-жылга салыштырганда 11,7 эсе. 1 кыматчыга 12,7 эсе, 10 *га* а. ч-га жарактуу жерге 10,3 эсе көбөйдү. Машина паркы өстү (к. 3-таблица).

3-таблица.

СССРдин а. ч-сында машина паркының өсүшү.

	1940	1965	1975	1976
Тракторлор, миң даана	531	1613	2336	2402
Кыймылдаткычтардын суммардык кубаттуулугу, млн а. к.	17,6	77,6	152,5	163,0
Эгин комбайндары, миң даана	182	520	680	685
Жүк ташуучу автомобилдер, миң даана	228	945	1396	1442
Суммардык жүк көтөргүчтүгү, миң даана	479	2580	4446	4732

Өндүрүш имаратын, коммуникацияны ж-а турак жайды ж. б. объектилерди куруучу ж-а реконструкциялоочу СССРдин эл чарбасынын тармагы — курулуш. Совет бийлигинин жылдарында (1976-жылды кошо эсептегенде) мамл. ж-а кооперациялык ишканалар тарабынан 1575,6 млрд сомдук негизги фондулар ишке киргизилип, жалпы аянты 3087 млн м² турак жай курулган, анын 651 млн-у 1971—76-жылдарга тиешелүү. СССРдин эл чарбасына капиталдык салымдардын жалпы көлөмү 1971—75-ж. 493 млрд сом, 1976-ж. 118 млрд сом болгон. Курулушта 1976-ж. 24,436 баштапкы подряд курулуш ж-а монтаж уюмдары болгон, көбү адистештирилген. Курулушту машина м-н жабдуу өсүүдө, анда иштегендердин саны 2576 миңден (1940) 10 940 миңге (1976) чейин көбөйдү.

Транспорт — СССРдин эл чарбасынын тармактарын байланыштыруучу маанилүү звено. Жүргүнчү, даяр продукция, сырьё, отун ж. б-ны ташыйт. Транспорттун бардык түрү— т. ж., деңиз, дарыя, автомобиль, транспорттоочу түтүк ж-а аба жолу өлкөнүн жалпы транспорттук системасын түзөт. Өндүрүш өскөн сайын транспорт аткарган жумуштун көлөмү көбөйүүдө (к. 4-таблица).

4-таблица.

СССРдин жалпы пайдаланылуучу транспортунун жүк ташуу динамикасы (млрд *т/км*).

	1940	1960	1975	1976
Транспорттун бардык түрү,	494,4	1885,7	5200,9	5432,6
анын ичинен т. ж.	420,7	1504,3	3236,5	3295,4
Деңиз	24,9	131,5	736,2	762,1
Дарыя	36,1	99,6	221,7	222,7
Автомобиль (эл чарба)	8,9	98,5	338,0	354,8
Нефть жүргүч ж-а нефть продуктусу жүргүч	3,8	51,2	665,9	794,6
Газ жүргүч, млрд м³	—	12,0	279,4	309,5
Аба	0,02	9,56	2,59	2,71

Байланыш эл чарбасы м-н калктын керектөөлөрүнө жараша өнүгөт. СССРде 1976-ж. 88 миң почта, телеграф, телефон ишканалары, 20,9 млн телефон аппараты, 2116 телекөрсөтүүчү станция, 185,5 млн радио кабылдагыч болгон; байланыштын продукциясы 5,1 млрд сомду түзгөн. 9 млрд

кат, 41,1 млрд пуска газета ж-а журнал, 229 млн посылка ж. б. жөнөтүлгөн.

Соода калк керектөөчү товарларды сатуу б-ча эл чарба тармагы катары калктын керектөөлөрүн камсыз кылууда маанилүү роль ойнойт. Негизги азык-түлүк ж-а ө. ж. товарларынын мамл. чекене баасы туруктуу болгондо чекене соода аркылуу товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү кыйшаюусуз көбөйөт (1940-ж. 20,9 млрд сомдон 1976-ж. 225,8 млрд сомго чейин). Мамл. ж-а кооперациялык сооданын товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмүндөгү үлүшү өсөт (к. 5-таблица).


5-таблица.

Мамл., кооперациялык ж-а колхоздук сооданын товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмүндөгү үлүшү (чыныгы баада).


	1940	1965	1970	1975	1976
Бардык чекене товар жүгүртүү	100	100	100	100	100
Мамлекеттик соода . .	62,7	68,1	68,6	69,0	69,3
Кооперациялык соода .	23,0	28,6	28,8	28,6	28,2
Колхоз базары	14,3	3,3	2,3	2,4	2,5

Материалдык-тех. жабдуу өндүрүш каражаттарынын пландуу түрдө айлануу процесси катары керектөөчүлөрдү өндүрүшкө керектүү продукциялар м-н үзгүлтүксүз камсыз кылууда ж-а аны өндүрүш ишканаларынын тез ишке ашыруусунда маанилүү роль ойнойт. Өндүрүш каражаттарынын айлануу чөйрөсүн пландуу уюштуруу коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатууга түртүү берет. Жабдуунун жалпы мамл. системасы 70-жылдардын ортосунда СССР мамл. жабдуусунун аймактык органдары аркылуу 130 миң керектөөчүнү тейлеген. Нефть продуктусу м-н эл чарбасындагы бардык керектөөчүлөрдү камсыз кылат. Анын товар жүгүртүүсү жылына 150 млрд сомдон ашык же өндүрүшкө керектүү продукциянын жалпы товар жүгүртүүсүнүн 60%тин түзөт.

СССРдин эл чарбасындагы ил.-тех. прогресс илимдин тез өсүшүн талап кылат. Илимге жумшалган чыгым 17,5 млрд сом болгон (1976). Турмуш тиричилик кызматы эл чарбасынын өз алдынча тармагы катары 50-жылдардын алгында — 60-жылдардын башында өнүгө баштаган. Анда 1976-ж. 262,8 миң ишкана ж-а 73,1 миң кабыл алуу пункту болгон. Турмуш тиричилик жактан тейлөөнүн көлөмү 1966—76-ж. 3,7 эсе көбөйүп, 7111,9 млн сомго жетти; анда иштегендер 1321 миңден (1965) 2383 миң адамга көбөйдү (1976). СССРдин эл чарбасы көп улуттуу өз ара байланышкан эл чарба комплекси болуп эсептелет ж-а ал жалпы мамл. милдетти чечүүнүн кызыкчылыгына карата өнүгөт. Жалпы эл чарба комплекси союздук респ-каларды адистештирүү ж-а кооперациялаштыруу жолу м-н түзүлөт. Өндүрүш ж-а анын тармактары эл чарба планынын негизинде респ-калар б-ча табигый байлыктарга (табигый ресурстар, пайдалуу кен, а. ч. өндүрүшкө ылайыктуу климаттык шарт ж. б. болушуна) жараша жайгаштырылат. Өндүргүч күчтөрдү жайгаштыруу сырьё, отун ж-а даяр продукцияны ташуу аралыгын кыскартууну, эмгек ресурстарын эске алуу м-н жүргүзүлөт. Россиянын мурдагы арта калган чет-жакаларын ыраатуулук м-н соц. индустриялаштыруу саясаты союздук респ-каларда оор ө. ж-дын (өндүрүп даярдап туруучу ж-а иштеп чыгаруучу), транспорттун ж-а байланыштын өнүгүшүнө алып келди. Бул союздук респ-калардын улуттук экономикасын жогорулатууну ж-а ар тараптан өнүктүрүүнү, алардын өз ара байланышын күчөтүүнү камсыз кылат. Совет бийлигинин жылдарында бир катар респ-калардын индустр. жактан өнүгүшү ө. ж-дын олко б-ча өнүгүшүнөн тез болду. Мис., 1913—76-ж. СССРдин ө. ж. продукциясынын өсүшү 137 эсе болсо, Белоруссияда ө. ж. продукциясы 177, Каз-нда 214, Молдавияда 236, Кырг-нда 300, Арменияда 290 эсе өскөн. СССРдин ө. ж. продукциясы 1940—76-ж. 18 эсе, Литвада 49, Эстонияда 42, Латвияда 39, Молдавияда 41 эсе көбөйгөн. Союздук респ-калардын индустр. жактан озуу м-н өнүгүү процессинде алардын экон. өнүгүү деңгээли теңелет: бардык жерде эмгекке жарамдуу калктын жалпы иштеши камсыз кылынды, эмгек ресурстары ж-а эмгек өндүрүмдүүлүгү, элдин кирешеси м-н керектөөлөрүнүн деңгээли тийиштүү квалификацияга келтирилди. Бул — соц. улуттардын жалпы гүлдөшүнүн ж-а алардын жакындашуусунун лениндик жолу. Бардык союздук респ-калардын ресурстарын бириктирүү совет мамлекетине аларды соц. курулуштун маанилүү участкаларына топтоого мүмкүндүк берет ж-а кыска мөөнөттө жакшы натыйжалуулукка жетишүүнү, ири өндүрүштүк аймактык комплекстерди түзүүнү камсыз кылат. Респ-калардын өз ара тыгыз байланышы ж-а жардамдашуусу коммунизмдин материалдык-тех. базасын ийгиликтүү түзүүгө мүмкүндүк берет. СССРдин эл чарбасы чарбанын дүйн. соц. системасындагы өлкөлөрдүн, барыдан мурда соц. экон. интеграциянын комплекстүү программасынын негизинде СЭВдин мүчөлөрүнүн экономикасы м-н өз ара байланышта өнүгөт. СССРдин ө. ж. дүйн. соц. системанын ө. ж. продукциянын 1/2ин, СЭВге кирген өлкөлөрдүкүнүн 60%ке жакынын өндүрөт. СССРдин соц. өлкөлөр (СЭВдин мүчөлөрү м-н) көп кырдуу байланышы — тышкы сооданы, ил. ж-а тех. жактан кызматташтыкты, беш жылдык ж-а жылдык эл чарба пландарын координациялоонун негизинде өндүрүштү эл аралык адистештирүүнү ж-а кооперациялаштырууну камтыйт. СССР соц. өлкөлөр м-н тышкы соода жүгүртүүсүн тездик м-н кеңейтүүдө. Ал 1946—76-ж. 45 эсе (СЭВдин мүчөлөрү м-н 55 эсе) өскөн, ал эми көлөмү 1976-ж. 31 млрд сомду (СЭВдин мүчөлөрү м-н 28 млрд сом) түзгөн. СЭВге кирген өлкөлөрдү нефть, кокс, темир рудасы, түстүү ж-а кара металл, жыгач, машина жабдуу, пахта буласына ж. б. керектөөсүн камсыз кылып, алардан машина ж-а жабдуу, кеме, вагон, локомотив, автобус, дизель, эл керектөөчү товарларды алат. Эмгектин эл аралык бөлүштүрүлүшүн кеңейтүү, өлкөнү адистештирүү ж-а кооперациялаштыруунун негизинде





1. РСФСРдин Калуга обл-ндагы «Торбеевский» совхозунун үй сарайы. 2. Челябинск канаттуулар фабрикасынын сорттоо цехи.






Красноярск крайы. Саян-Шуша ГЭСинин курулушу.









1. Одесса порту. 2. Төрт октуу оор жүк ташыгыч «КЗКТ 545». 3. Баку нефть ажыратуу заводу. 4. Москва. И. В. Курчатов атн. атом энергия ин-ту. «Токамак — 10» термолдро установкасы.

СЭВдин мүчөлөрү отун, энергия, сырьё, машина ж-а жабдууга болгон өзүнүн керектөөлөрүн негизинен толугу м-н канааттандырат. СССРдин эл чарбасынын тез өнүгүшү анын дүйн. экономикада салыштырма салмагынын жогорулашына алып келди. Мис., СССР 1922-ж. дүйнөлүк ө. ж. продукциясынын болжол м-н 1%ин өндүрсө, 1937-ж. анын 10%ке жакынын, 1976-ж. 20%ин өндүргөн. СССР 1976-ж. АКШга караганда ө. ж. продукциясын 80%ке көп өндүрдү. СССРдин эл чарбасынын Батыш Европадагы ө. ж. өнүккөн капит. өлкөлөрдүкү м-н өз ара катышы өзгөрдү. СССР 30-жылдардын башында Европадагы ө. ж. продукциясын өндүрүү б-ча 4-орунда (Германия, Улуу Британия, Франциядан кийин) болсо, 70-жылдардын ортосунда ө. ж. продукциясын бул өлкөлөргө (аларды бирге алганда) караганда бир кыйла көп өндүргөн. Онунчу 5 жылдыкта (1976—80) өндүрүштү интенсивдештирүү жолу м-н анын натыйжалуулугун, продукциянын сапатын жогорулатууга, ил. тех. прогрессти ылдамдатууга, коомдук өндүрүштүн туруктуу өнүгүшүн ж-а структурасын оркүндөтүүгө, ил. тех. прогрессти аныктоочу тармактардын озуу м-н өнүгүшүн камсыз кылууга, а. ч. продукциясын ж-а эл керектөөчү товарларды көп өндүрүүгө айрыкча көңүл бурулат. Элдин жыргалчылыгын арттыруунун узак мөөнөттүк комплекстүү программасы ишке ашырылат. Мунун баары комплекстүү мамлекеттик-тех. базасын мупиздин материалдык-тех. базасын түзүүнүн, коомдук мамилелерди өркүндөтүүнүн ж-а жаңы адамдын калыптанышынын жаңы этабы.

Саламаттык сактоосу. СССРде 1976-ж. калктын саны 1913-жылга караганда 96 млн-дон ашуун кишиге өскөн. Төрөлгөндөр 1913-ж. миң кишиге 45,5, 1975-ж. — 18,1ди түзгөн; анын азайышы улгайгандардын көбөйүшү ж-а аялдардын өндүрүшкө көбүрөөк катышуусу м-н байланышкан. СССРдеги өлүм 1913-жылга салыштырганда 1975-жылы 3 эсе, балдардын өлүмү 10 эсе азайды.

Рев-яга чейин Россияда мамл. саламаттык сактоо системасы болгон эмес. 1913-жылга салыштырганда 1940-ж. врачтардын саны 6 эсеге, орто билимдүү мед. кызматкерлердин саны 10 эсеге, ооруканадагы орун 3,8 эсеге өскөн. 1950-ж. врачтардын саны 1940-ж. м-н салыштырганда 71%ке, орто мед. кызматкерлердин саны 52%ке өскөн.

Рев-яга чейин Россияда жугуштуу ооруулар, өтө коркунучтуу инфекциялар көп тараган. Өлкөнүн санитариялык абалы өтө начар болгон. 1919-ж. 10-апрелде В. И. Ленин чечекке каршы өмдөө жүргүзүү ж-дө Совнаркомдун декретине кол коюган. Өмдөөнүн натыйжасында 1936—37-ж. СССРде чечек жоюлган. Бешгекке каршы күрөш жүргүзүлгөндүктөн ал СССРде 1963-жылдан катталбайт. Азыр жугуштуу ооруулардан грипп, кээде көк жөтөл, скарлатина кездешет.

1913-ж. Россияда 28,1 миң врач (1975-ж. 835,2 миң), 46 миң орто билимдүү мед. кызматкер (1975-ж. 2515,4 миң) болгон. Россияда рев-яга чейин ун-ттердин 17 мед. ф-тети ж-а мед. ин-ттар жылына 900 гана врач даярдаган. 1975-ж. врачтарды даярдоо 50 эседен көп өсту. Ар бир союздаш респ-када медицина б-ча жог. ж-а орто билим берүүчү окуу жайлар бар.

СССРде бирдиктүү мамл. санитариялык ж-а эпидемияга каршы иш уюшулган. Ал чойрону булгануудан сактоого, ө. ж-да, курулушта, суу м-н камсыздандырууда ж. б-да санитариялык көзөмөл жүргүзүүгө укуктуу (к. *Санитариялык-эпидемиологиялык иш*).

Улуу Окт. рев-ясынан кийин дарылоочу мекемелердин саны 1913-жылга салыштырганда 5 эсе, калкты оорукана оруну м-н камсыздандыруу 9 эсе өстү (1975-ж.). Амбулатория-поликлиникалык мекемелердин саны 1913-ж. 1230, ал эми 1975-ж. 35641ге жеткен. О. эле ө. ж. ишканаларында мед.-санитариялык бөлүм, мед. пунктар уюштурулган. Жүрөк кантамыр системасынын, ичеги-карындын өнөкөт оорулары, туберкулёз м-н ооруганлар атайын диспансердик каттоого алынып, калк дайыма массалык профилактикалык кароодон өткөрүлүп турат (к. *Диспансерлер*).

СССРде шаардык ж-а райондук тез жардам станцияларынын саны 1975-ж. 3973кө жетти (к. *Медициналык тез жардам, Санитариялык авиация*).

Рев-яга чейин Россияда 3 миң орундуу 60 санаторий гана болгон. 1975-ж. санаторийлердин саны 1913-ж. м-н салыштырганда 39 эсе, андагы орун 168 эсе көбөйдү (к. *Курорттор, Бактак менен дарылоо, Климатотерапия*). Боюнда бар аялдарга ж-а төрөт б-ча берилүүчү ассигнованиялар 1940-жылга караганда 14 эсе, балдарды бала бакча м-н камсыз кылууга жумшалуучу каражаттар 13 эсе өстү (1975). Аялдар консультациясы, төрөт үйлөрүнүн саны көбөйүп, андагы орун 1975-ж. 223 миңге жеткен (1940-ж.— 147,1 миң). Балдар ооруканаларынын саны 529,3 миң, ал эми 1913-ж. 750 гана оорукана болгон. 25426 аптека (1914-ж. 4932) иштеген.

Элге билим берүүсү. СССР элдеринин маданий-тыныш ж-а эл агартуусунун өрчүшүнүн көп жылдык тарыхы бар. 4—5-кылымда эле Грузияда ж-а Арменияда чиркөө м-н монастырлардын алдында алгачкы мектептер ачылган. О. кылымда Грузияда Гелати ж-а Икалтой академиялары, Арменияда Гладзори ж-а Татеви ун-ттери мад-т очогу болуп эсептелген. Мусулман дини үстөмдүк кылган Азерб-н, Каз-н ж-а О. Азия аймагында негизинен араб тилин ж-а ислам дининин үйрөткөн мектеп ж-а медиреселер басымдуулук кылган. Киев Русунда балдарды окутуунун уюштуруу 10-к-да башталган. Ири монастырлардын алдында окуу жайлар болгон. 16-к-да кытай басып чыгаруунун таралышы м-н эл агартуу ишке жакшырган. 1687-ж. алгачкы жог. окуу жай Славян—грек—латын академиясы негизделген. Эл агартуу ишинде Пётр Iнин реформасы маанилүү роль ойногон. Реформанын натыйжасында ак сөөктүк мамл. окуу жайлар, навигациялык ж-а матем., мед., ж. б. мектептер, 1726-ж. Аның карамагында Академиялык гимназия ж-а Академиялык ун-т ачылган. Ак сөөктор үчүн жабык түрдөгү кадет корпустары уюшулган. 1755-ж. М. В. Ломоносовдун демилгеси м-н Москва ун-ти, 1779-ж. Россияда алгачкы пед. окуу жай — мугалимдер гимназиясы ачылган. 18-к-дын 2-жарымынан аялдарга билим берүү башталган. 18-к-дын алгында шаар коомчулугунун ж-а демокр. интеллигенциянын элдик окуу жайларды түзүү ж-а агартуу системасын демократташтыруу б-ча кыймылы кеңири кулач жайган. Алардын демилгеси м-н Петербург, Москва, Воронеж, Владимир, Тула ж. б. ш-ларда элдик окуу жайлар ж-а жетим балдар үйлөрү түзүлүп, атайын кесипчилик-тех., коммерциялык, өнөр жай, а. ч., жог. тех. окуу жайлары ачылган. 1802-ж. Эл агартуу мин-восу уюшулган. 60-жылдары Россияда эл агартуу жагында реформа башталып, классикалык ж-а реалдуу гимназиялар, аялдар гимназиялары көбөйүп, аялдар жог. билим алууга жетишкен. Падышча өкмөтү орус эмес улуттарга реакциячыл салсат жүргүзүп, өнө тилинде окууга тыюу салган, окуу жайларга өтүүгө чек койгон. 1897-жылкы эл каттоо б-ча кыргыздардын 0,6%, түркмөндөрдүн 0,7%, өзбектердин 1,6%, казактардын 2% гана сабаттуу болгон.


Окт. рев-ясынан кийинки эң алгачкы миядет калктын массалык сабатсыздыгын жоюу болгон. Чоңдор үчүн мектептер ачылып, эне тилинде алиппелер ж-а окуу-методикалык ад-ттар басылган. 1919-ж. 26-декабрда «РСФСР калкынын арасында сабатсыздыкты жоюу жөнүндө» декрет кабыл алынган. Аны негизинде сабатсыздыкты жоюу б-ча өзгөчө комиссия түзүлгөн. 1920—40-ж. калктын 60 млн-го жакыны окуган. 1939-жылкы эл каттоо б-ча калктын (9дан 49 жашка чейин) 87,4% сабаттуу болгон. 1959-жылкы эл каттоо б-ча СССРде сабатсыздык тапталбай жоюлган. 1917—19-ж. кабыл алынган декреттердин негизинде элге билим берүү соц. негизде түзүлгөн: бардык окуу-тарбиялык мекемелер мамлекеттештирилген, мектеп чиркөөдөн, чиркөө мамлекеттен бөлүнгөн, акысыз окуу киргизилген, бардык улуттар өз эне тилинде окууга укук алган. 1973-ж. СССР Жог. Совети «ССР Союзунун жана союздаш республикалардын элге билим берүү жөнүндөгү закондор негизин» бекитти. Анда элге билим берүүнүн максаты жог. билимдүү, ар тараптан өнүккөн, коммунисттик коомдун активдүү куруучуларын даярдоо ж. б. маселелер айтылган. СССРде элге билим берүү системасына: мектепке чейинки тарбия, жалпы орто билим, мектептен тышкаркы тарбия; кесипчилик-тех. билим, атайын орто билим ж-а жог. билим берүү кирет. 1976-ж. мектепке чейинки 117,6 миң мекемеде 12,1 млн бала тарбияланган. 1977—78-окуу жылында 154,1 миң жалпы билим берүүчү мектептерде 45,4 млн, 4312 миң орто атайын окуу жайларында 4,6 млн, 3087 миң кесипчилик-тех. окуу жайларында 1,5 млн, 861 жог. окуу жайында 5 млн-го жакын адам окуган. Эл агартуу жагында КПССтин лениндик саясаты тарыхый жеңишке жетишти: 1976-жылга чейин калкка жалпы орто билим берүү негизинен жүзөгө ашты. 1976-ж. мектеп окуучуларынын 4403 двореци, 7 миңден ашык секторлору, жаш техниктердин 1008 станциясы, жаш натуралисттердин 587 станциясы, 202 экскурсиялык-туристтик станция, балдардын 155 паркы, 6 миң муз., хореографиялык ж-а көркөм сүрөт мектеби, 7,6 миң балдар китепканасы иштеген. 1976-ж. 1348 музей, анын 220 тарыхый рев-ялык ж-а тарых, 279 мемориалдык, 564 край таануу, 187 иск-во таануу музейи болгон. Ирилери: *Лениндин борбордук музейи, Революция музейи, Третьяков галереясы,* А. С. Пушкин атн. *Сүрөт искусство музейи, Эрмитаж,* Мамл. орус музейи ж. б. 1977-ж. 130 миң массалык китепкана, 135,7 миң клуб мекемеси иштеген.

Илими жана илимий мекемелери.

1. ТАБИЯТ ЖАНА ТЕХНИКА ИЛИМДЕРИ.

Математика. СССРде Окт. рев-ясынан (1917) кийин азыркы математиканын бардык багыттары б-ча ийгиликтүү эмгектер иштелип жатат. СССР ИАнын В. А. Стеклов атн. Математика ин-тунун (1934, Москва) базасында бир нече ил. из. мекемелер, о. эле СССР ИАнын Колдонмо матем. ин-ту (1963, Москва) түзүлдү. Ил. изилдөөлөр ИАнын Эсептөө борборунда (1955, Москва), СССР ИАнын Сибирь бөлүмүнүн Матем. ин-тунда (1957, Новосибирск), ун-ттердин кафедраларында жүргүзүлөт. Сандар теориясында И. М. *Виноградов* тригонометриялык сумма методун түзгөн. Бул теория б-ча И. М. Иванов, Р. О. Кузьмин, К. К. Маржанишвили, Л. Г. Шнирельман ж. б. сов. илимпоздор иштеген. Алгебр. изилдөөлөр математем. логика м-н байланышта изилденди. Алгебра б-ча Д. А. Граве, О. Ю. Шмидт, Б. Н. Делоне, А. П. Ершов ж. б. матем. логика б-ча Ю. Л. Ершов, О. В. Лупанов, А. А. *Ляпунов*, С. В. Яблонскийлер эмгектенген. Л. С. *Понтрягин*—алгебр. топология жетектинин негиздөөчүсү. Сов. илимпоздордун көп эмгектери комплекстик өзгөрмөлүү функциялар теориясына ж-а аның колдонмолурна арналган. Геометрияда А. Д. Александров томпок көп грандыктардын жалпы теориясын түзгөн. Топ-ча Европа, Африка, Америка, Азия өлкөлөрүнүн ортосунда эл аралык ил. кызматташтык түзүлгөн.

Физика. Россияда физика б-ча изилдөөлөр 1725-ж. Петербург ИА түзүлгөндөн кийин, Пётр I чакырып келген Д. Бернулли м-н Л. Эйлердин эмгектерине байланыштуу. Дүйнөго атагы алгач чыккан орус окумуштуусу М. В. Ломоносов болгон. 19—20-к-да Москва, Петербург, Новороссийск (Одесса) ун-ттеринде караштуу физика ин-ттары ачылган. Москвада П. Н. *Лебедев* физиктердин орус мектебин түзгөн. 1917-ж. Москвада Физика ин-ту (директору П. П. *Лазарев*), 1918-ж. Петербургда Рождественскийдин жетекчилиги м-н Мамл. оптика ин-ту, Иоффенин жетекчилиги м-н Физика-тех. ин-ту, Москвада Лазаревдин катышуусу м-н Физика ж-а биофизика ин-ту ачылган. СССР ИАнын Физ. ин-ту 1934-ж. С. И. Вавилов-дун жетекчилиги м-н ил. борборго айланды. 1934-ж. П. Л. *Капица* СССР ИАнын Физ. проблемалар ин-тун түзүп, анда төмөнкү темп-ра физикасы м-н теориялык физика маселелерин изилдеген. Элементардык бөлүкчөлөр физикасы ж-а ядро физикасы б-ча изилдөөлөр Атом энергиясы ин-тунда (1943, Москва), Ядролук изилдөөлөрдүн биримкен ин-тунда (1956, Дубна) жүргүзүлөт. Сов. 6 физикке Нобель сыйлыгы берилген. Сов. физиктер кристаллдар ж-а суюктуктар, *металлдар, диэлектриктер, жарым өткөргүчтөр,* магнетизм, теориялык физика, оптика, *атом ядросу, элементардык бөлүкчөлөр,* космос нурлары, төмөнкү ж-а өтө төмөнкү температар физикасы, кванттык электроникасы, плазма, *акустика,* механика ж. б. тармактар б-ча эмгектенүүдө.



Түндүк Кавказдагы СССР ИАнын атайын астрофизика обсерваториясындагы РАТАН—600 радиотелескобу (шакек сымал чагылдыруучу бетинин диаметри 600 м).

Химия. 18-к-дын ортосунда Россияда М. В. Ломоносов химия тармагында бир катар ил. тажрыйба жүргүзгөн. Ал физ. химияга ил. аныктама берген. 1803-ж. В. В. Петров электр жаасында алгачкы жолу хим. реакция жасаган. Г. И. Гесс хим. процесстердин негизги жылуулук законун ачкан (1840). Орг. заттарды синтездөө адистиги өркүндөлүп, хинон ж-а анилин синтезделди. А. М. *Бутлеров* жасаган хим. түзүлүш теориясы (1861) орг. химиянын негизи болгон. 1896-ж. Д. И. Менделеев ачкан элементтердин мезгилдик закону бардык хим. элементтер м-н алардын кошулуш систематкасынын негизи болду. Ал закондун негизинде ошол кезде белгисиз болгон элементтердин бар экендигин болжол, аның касиеттеря баяндоого мүмкүндүк берди. Химия м-н хим. технология тармагы Совет бийлиги орногондон кийин кеңири өөрчүдү: 1918—19-ж. Физика-хим. анализ ин-ту, Л. Я. Карпов атн. Физика-химия ин-ту, Колдонмо химия ин-ту түзүлгөн. СССРде химиянын *физикалык химия, органикалык эмес химия, аналитикалык химия, органикалык химия* тармактары өнүгүүдө.

Физикалык география. Россияда табият-ты ил. из. 18-к-дын 1-жарымында, өзгөчө Пётр Инин мезгилинде башталган. Россияда геогр. илимин теориялык жактан В. Н. Татищев негиздеп, аның өнүгүшүнө М. В. Ломоносов зор салым кошкон. Окт. рев-ясынан кийин өлкөнүн өндүргүч күчтөрүн изилдөөгө байланыштуу бир катар ил. экспедициялардын уюштурулушу география б-ча мекемелердин түзүлүшү физ. географиянын негизги тармактарынын өнүгүшүнө шарт түзгөн. Климатология, гляциология, геокрилогия, кыртыш географиясы, биогеография, физ. география, геодезия, картография, метеорология, океанология ж-а геол. илимдер тармагында стратиграфия, тектоника, литология, петрография, геохимия, геофизика, пайдалуу кендердин геологиясы, гидрогеология ж. б. кулач жайды.

Биология. Россияда биол. илими 18-кдан баштап өнүккөн. Азыркы палеонтология илимине В. О. Ковалевский, жаңы-барлар эмбриологиясына К. М. Бэр, А. О. Ковалевский ж-а И. И. Мечников, омурткалуулар зоологиясына Н. А. Северцев, М. А. Мензбир ж. б., омурткасыздар зоологиясына Н. П. Вагнер, М. А. Холодковский ж. б. негиз салган. Микробиология (И. И. Мечников, С. Н. Виноградский), вирусология (Д. И. Ивановский), өсүмдүк физиологиясы (К. А. Тимирязев, А. С. Фаминцын, В. И. *Палладин* ж. б.) илимдеринин өнүгүшүнө чоң салым кошкон. Орус илимпоздору фагоцитоз (1882, Мечников), хемосинтез (1887, Виноградский) процесстерин ачкан. Окт. рев-ясынан (1917) кийин ил. из. ин-ттар ачылган. 1919-ж. П. П. Лазаревдин дегилгеси м-н Биофизика ин-ту, А. Н. Бахтын жетекчилиги м-н Биохимия ин-ту, 1923-ж. Москвада Биология ил. из. ин-ту (Тимирязев атн.) түзүлгөн. Генетика б-ча изилдөөлөр, физиология, биохимия, цитология, гельминтология ж-а микробиология б-ча ил. из. борборлор, мектептер ачылган. 50-жылдары СССРде тирчилик коруктуторо субклетка молекулалык деңгээлде изилденип, молекула генетикасы ж-а молекула биологиясы илимдери өнүктү. Биология систематикасы, экология, эволюция, морфологиянын жалпы маселелери, фауна, табигый ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу ж. б. изилденди. Айбанат ж-а киши физиологиясы, ботаника, өсүмдүктөр физиологиясы, микробиология, вирусология, палеонтология, биохимия, биогеохимия ж-а мол. биология, биофизика, генетика тармактары өнүгүп, ил. изилдөөлөр жүргүзүлүүдө.

Айыл чарба. А. ч. илимдерине Россияда негиз салган М. В. Ломоносов болгон. Агрохимиянын өркүндөшү Д. И. Менделеевдин ысмына байланыштуу. Окт. рев-ясынан кийин а. ч. илиминин бардык тармактарында изилдөө жүргүзүү кеңири кулач жайды. 1929-ж. В. И. Ленин атн. Бүткүл союздук А. ч. ИА (ВАСХНИЛ) ачылган. Аның бир катар жерлерде болумдөрү бар. 1975-ж. а. ч. тармагындагы 889 ил. из. мекеменин 310у ил. из. ин-ту болгон. Сов. а. ч. илимдери жерди пайдалануу, топурактын кунардуулугун арттыруу, аны семиртүү, а. ч. өсүмдүктөрүн өстүрүү, өсүрүү технологиясын, зыяндуу чөп м-н өсүмдүк зыянкечтери ж-а илдеттери, кыртыш эрозиясы м-н күрөшүү ж. б. изилденүүдө. 1960—75-ж. селекционер илимпоздордун жетекчилиги м-н (П. В. Кучумов, Ф. Г. Кириченко ж. б.) буудайдын, арпа, сулу, буурчак, кант кызылча ж. б-лардын жаңы түшүмдүү сорттору, кара буудайдын диплоид, тетраплоид сорттору чыгарылды. Мал чарбасында керектүү өсүмдүктордун жаңы сорттору чыгарылып, аның өндүрүмдүүлүгү артты. Белоктуу мал тоютун микробиол., хим. синтездөө м-н алуу изилденди. Малдын жаңы түкүмү чыгарылды.

Медицина. Совет өкмөтүнүн алгачкы жылдарында эле мед. илиминин өнүгүшүнө шарт түзүлгөн. 1918—21-ж. алгачкы ил. из. ин-ттары, лабор-ялар курулган. 20—30-жылдары жаңы ин-ттар, 1944-ж. СССР Мед. ИА уюшулуп, 1975-ж. аның составында 40 ил. из. ин-ту м-н лабор-ялар иштеген. Мед. микробиол., паразитология ж-а эпидемиология б-ча маанилүү маселелер изилденди. СССРде безгек оорусу жоюлду. 1950-жылдан геогр. патология өркүндөдө. Социалдык гигиенага (З. П. Соловьёв, В. А. Обух ж. б.) сов. саламаттык сактоонун теориялык негизин түзүп, калктын саламаттыгын сактоо ж-а жакшыртуу чараларын иштеп чыккан. Мектеп гигиенасынын өнүгүшүнө Семашко, Д. Д. Бекарюков, А. В. Молькодор чоң салым кошкон. Мед. микробиол., паразитология, эпидемиология теориясы, жугуштуу ж-а мите ооруларына каршы күрөшүү б-ча маанилүү суроолор чечилген. Сов. мед. генетинтер түкүм куучу ооруларын пайда болушун ж-а таралышын аныктаган. Фармакологияда жаңы препараттар жасалган. Патологияда В. Т. Талалаев, М. А. Скворцов, Н. Н. Аничков, С. С. Халатковдордун эмгектери дүйнө-маанеге ээ болгон. Клиникалык медицинада кардиология проблемаларына көп көңүл бурулууда. Гастроэнтерология (М. П. Конюховский мектеби ж. б.), неврология (С. С. Зимницкий, М. С. Вовси ж. б.), гематология (М. И. Аринкин, А. Н. Крюков, П. А. Кассирский ж. б.), пульмонология проблемалары да ийгиликтүү чечилүүдө. Хирургияда сов. илимпоздор жерг. анестезиянын (А. В. Вишневский), бөйрөк, боор, ашказан-ичеги (П. И. Греков, С. П. Фёдоров, А. В. Мартынов), вегетатив нерв системасынын ооруларын ж-а мээнин кан айлануусунун бузулушун хирургиялык жол м-н дарылоо методу иштелип чыккан. Нейрохирургияга А. П. Поленов ж-а Н. Н. Бурденко негиз салган. Онкология негизинен клиникалык, теориялык ж-а эксперименттик түрдө өнүккөн. Невропатология м-н психиатрияга Бехтеревдин, Л. О. Даркшевичтин, М. В. Крол, Л. С. Минор ж. б-лардын фундаменталдуу эмгектери аралган.

Техника илимдери. Рев-яга чейин Россияда ар түрдүү конструкциядагы биринчи самолёттор пайда болгон. 1909—14-ж. Я. М. Гаккель, Д. П. Григорович, В. А. Слесарев ж. б. конструкторлор самолёттор жасаган. И. И. Сикорский 4 моторлуу «Русский витязь», «Илья Муромец» самолётторун түзгөн (1913—18). 20-к-дын башында аэродинамика илиминин өркүндөшүнө Н. Е. Жуковский, С. А. Чаплыгин ж. б. зор үлүш кошкон. 1920-ж. А. Н. Туполев, П. И. Поликарпов ж. б-дын конструкторлук бюролору алгачкы сов. самолёттору (АНТ-1, И-1, АК-1) түзгөн. 1939-ж. Авиация ө. ж-ның эл комиссарияты түзүлгөн. Согуш жылдарында авиация ө. ж. фронтту тех. жактан жогору турган жаңы Як-3, Ла-5, Ил-6, Ту-2 ж. б. самолёттор м-н жабдып турду. 70-жылдары Ту-154, Ил-62М, Ту-134А, Як-40 ж. б. самолёттор пайда болуп, эң ири Ил-86 «аэробус» сыналууда.

Ракета куруу ж-а космонавтика. 19-кдан Россияда дары м-н атылуучу ракета кеңири колдонула баштаган (А. Д. Засядко, К. И. Константинов ж. б.). Россиядагы эң алгачкы ракеталык учуучу аппаратты 1881-ж. Н. И. Кибальчич ойлоп тапкан. Космоско учууда реактивдүү кыймылдаткычты пайдаланууну К. Э. Циолковский ил. далилдеген. Окт. рев-олюциядан кийин ракеталык техника тармагында ил. иштер кеңири жүргүзүлө баштады. С. П. Королёвдун жетекчилигин-де ар кандай суюк отундуу ракеталар сынала баштаган. Азыркы кездеги ракеталарды куруу 1946—55-ж. башталган. Байконур космодромун куруу б-ча 1955-ж. 15-майда чечим кабыл алынган. 1957-ж. 21-августта континент аралык 1-баллистикалык ракета учурулуп, 4-октябрда жер жүзүндө түңгуч Жердин жасалма спутниги учурулду. 1961-ж. 12-апрелде Ю. А. Гагарин адамзат тарыхында алгач космоско учту. 1963-ж. июнда алардан биринчи В. В. Николаева-Терешкова космоско учту. 1969—76-ж. аралыгында семиреллуу 14 «Интеркосмос» спутнигин учурулду.

Падышалык Россияда энергетика тармагында ил. из. жакшы өнүгө алган эмес. 1910—11-ж. Г. О. Графтио Волхов ГЭСин курууну негиздеген. 1913-ж. Г. М. Кржижановский Волга боюнда ири ГЭС-терди курууну сунуш кылган. Р. Э. Классондун жетекчилиги м-н курулган гон. Окт. рев-ясынан кийин Россияны электрлештирүү б-ча мамл. план (ГОЭЛРО) кабыл алынган. 1935-ж. түзүлгөн Москва энергия системасы — эң ири системалардын бири. Азыр СССРдин энергия системасы дүйнөдө алдыңкы орундардын бириңде. 1949-ж. И. В. *Курчатовдун* жетекчилиги м-н АЭС куруу башталган. Дүйнөдө эң алгачкы АЭС (Обнинск, Калуга обл.) 1954-ж. 27-июнда иштей баштаган. Азыр СССРде бир катар АЭС иштеген. Азыр СССРде бир катар АЭС иштеген. Гелиоэнергетика тармагында бир төодо. Гелиоэнергетика тармагында бир катар ил. из. жүргүзүлүп күндүн, жердин жылуулук энергиясын пайдаланууда бир катар ийгиликтерге жетишти. Электр жаасының кубулушун ачуу (В. В. Петров, 1802), электролит диссоциациясы теорилеринин б-ча эмгек (К. Гротгус. 1805), электр-магнит телеграфын (П. Л. Шиллинг. 1832), электр кыймылдатычын (Б. С. Якоби. 1834), гальванопластиканы (Якоби, 1838) ойлоп табуу, токтун жылуулук таасирин (Э. Х. Ленц, 1842) аныктоо законун ачуу Россиядагы эң ири жетишкендиктерден эле. СССРде электр-тех. ил. из. Бүткүл союздук электр-тех. институнда ж. б. ил. из. ин-ттарда жүргүзүлөт. Россияда радиоэлектроника ж-а электрдик байланыш б-ча электр-магнит телеграфына П. Л. Шиллинг негиз салган. Б. С. Якоби түзгөн (1939), ата мек. сын телефониянын пионери (1881—87) — П. М. Голубицкий 19-к-дын аягында Петербург — Москва (1852), Петербург — Варшава (1854) ж. б. телеграф линиялары тартылган. 1918-ж. В. И. Ленин «Нижегород радиолабораториясы жөнүндөгү» жообого кол койгон. Азыркы мезгилде тех. илимдер б-ча СССР көрүнүктүү орундардын бириңде.

2. КООМДУК ИЛИМДЕРИ.

Философия. Дүйн. философиянын ажырагыс бөлүгү болгон СССР алдынкы филос. ой-пикири узак ж-а татаал тарыхый жолду өткөн. Грузия, Арменияда соңку о. кылымда античный философия, атап айтканда аристотелизм ж-а неоплатонизм (Пётр Ивер, Давид Анахт, Иоанэ Петрици) сактalып келген. О. Азияда ж-а Закавказьенин айрым жерлеринде ислам дининин жайылышы м-н грек философиясы тарала баштаган. Диний филос. агым м-н (мусулмандык схоластика—«калам», «мутазилиттер» ж. б.) катар чыгыш аристотелизми зор таасир тийгизген. Ошол кездеги О. Азия, Закавказье, Жакынкы ж-а Ортоңку Чыгыш элдеринин ири ойчулдары Фараби, Кинди, Ибн Сина, Бахманяр, Омар Хайям болгон. О. кылымдагы Руста диний-филос. ой жүгүртүүдө чыгыш патристика рухундагы тенэм үстөмдүк кылган. 17-к-да орус, украин, белорус ойчулдары арасында тыгыз байланыш түзүлгөн. Славян-грек-латын академиясында (1687-ж., Москва) схоластикалык философия окутула баштаган. Пётр Инин реформасы о. кылымдагы схоластикалык философияны сындап, филос. ойду диндин таасиринен бошотууга, Батыш Европа философиясы м-н байланышууга (Ф. Прокопович, В. Н. Татищев, А. Д. Кантемир) багыттаган. Россияда филос. ойду өркүндөтүүдө М. В. Ломоносов, А. Н. Радищев ж. б. зор салым кошкон. Окт. рев-ясына чейинки Россияда марксизм м-н марксчыл философия В. И. Ленинидин эмгектеринде өркүндөтүлгөн. Сов. философия илими — интернац. марксизм-ленинизм философиясынын составдык бөлүгү. Окт. рев-ясынан кийин сов. филос. илимининн башкы максаты — материализмди коргоо, филос. идеализмди, реакциячыл идеологияны сындоо, материалисттик диалектиканы илимде, логикада ж-а тааным теориясында колдонуу. СССРде марксчыл филос. ойдун өркүндөшүндө Маркс, Энгельс, Ленинди теориялык мурасы (А. А. Жданов, М. И. Калинин, И. В. Сталин, М. А. Суслов, П. Н. Федосеев ж. б.) изилденип, аны үйрөнүүгө зор маанеге ээ болду.

Тарых. СССРди мекендеген калктын алгачкы тарыхый түшүнүгү баатырдык эпос, миф ж. б-дын негизинде пайда болгон. Закавказье (Урарту), О. Азия (Бактрия, Согд ж. б.) күл өлкөн мамлекеттеринде, Кара деңиздин түндүгүндөгү античный шаарларда тарых илими өзөгөн ж-а жазуу жөнүндөгү эстеліктердин негизинде калыптанган. Феод. доордун тарыхына Закавказье калкынан Яков Цуртавелинин, Иоанна Сабанисдзенин, Фавстос Бузанданын, О. Азия калкынан Табари, Фирдоуси, Рашид ад-Дин, Абд-ар-Раззак Самарканди, Махмут Кашгариний кошкон салымдары зор. Ар кандай тарыхый эстеліктерди изилдөө м-н орус тарыхчысы В. Н. Татищев илимге зор салым кошкон. 18-к-дын 1-жарымынан тарых илимининн калыптануу процесси башталды. 19-к-дын 1-жарымында салсий-идеялык күрөштүн чиеленишин ж-а 1812-жылкы Ата Мек. согуштан кийин Россия тарыхына кызыгуу күчөгөн. 1835-жылдан ун-ттерде Россия тарыхынын кафедралары ачылган. 1917-ж. Окт. рев-ясынан кийин сов. тарых илимининн калыптанышы ж-а өркүндөшү башталды. М. Н. Покровский, А. М. Панкратова ж. б. сов. тарых илимининн көрүнүктүү өкүлдөрү рев-яга чейинки СССР тарыхын жазган. 1918-ж. Ленинидин демилгеси м-н ачылган коомдук илимдердин Сов. академиясы, 1921-ж. ачылган К. Маркс м-н Ф. Энгельс ин-ту (1956-жылдан КПСС БКга караштуу Марксизм-ленинизм ин-ту) ж. б. ил. мекемелер совет тарых илимининн өркүндөшүнө зор салым кошту. Улуу Ата Мек. согуш (1941—45) маселелерине арналган эмгектер, көрүнүктүү аскер ишмерлеринин (А. А. Греч-

ко, Г. К. Жуков, С. М. Штеменко ж. б.) эскерүүлөру жарык көрдү. Украин (В. А. Голобуцкий, Ф. П. Шевченко ж. б.), белорус (Н. В. Каменская, Н. С. Кравченко ж. б.), өзбек (Р. Х. Аминова, Я. Г. Гулямов, Х. Ш. Инолтов ж. б.), кыргыз (В. Д. Жамгырчинов, С. И. Ильясов ж. б.), казак (С. Б. Бейсембаев, А. Н. Нусупбеков, М. С. Сапаргалиев, А. В. Турсунбаев ж. б.) совет тарыхчыларының эмгектери белгилүү. СССРде тарых илимин из. СССР ИАның, аның Сибирь бөлүмүнүн, союздаш респ-калардын ИАларынын тарых ин-ттарында, КПСС БКның марксизм-ленинизм ин-тунда, союздаш респ-калардын КП БКларынын марксизм-ленинизм ин-ттарында ж. б. илимий мекемелерде жүргүзүлөт.

Экономика. Орус мамлекети өзүнүн айланасына көптөгөн калкты ж-а улуттарды бириктирип, экон. ой-пикирдин өнүгүшүнүн кубаттуу факторуна айланган. 15—18-к-да Россияны мекендеген калктан чыккан коомдук ишмерлер м-н ойчулдар калктын мүктаждыгын баяндаган ой жүгүртүүлөрдү калтырды (И. Висковский, Г. С. Сковорода, Г. Ф. Скорина, И. Хрептович ж. б.). 19-к-дын жарымынан экон. ой-жүгүртүүнүн өнүгүшүнө рев-ячыл демократтар В. Г. Белинский, А. И. Герцен, Н. П. Огарев, Н. Г. Чернышевский, Н. А. Добролюбовдор зор роль ойногон. Россияда 19-к-дын алгында марксизм тарай баштаган. 1872-ж. К. Маркстын «Капиталы» алгачы жолу орус тилине которулган. Г. В. Плеханов уюштурган «Эмгекти эркиндикке чыгаруу» тобу К. Маркстын, Ф. Энгельстин көптөгөн эмгегин орус тилине которгон. Лениндин теориялык ж-а саясий ишмердиги марксизмдин өнүгүшүнүн жаңы доорун ачты. Саясий экономиянын андан ары өнүктүрүү. 1917-ж. окт. рев-ясы СССРде экон. илимдин өнүгүшүндө жаңы доорду ачты. Лениндин «Мамлекет жана революция» (1917), «Совет өкмөтүнүн кезектеги милдеттери» (1918), «Пролетариат диктатурасы доорундагы экономика жана саясат» ж. б. эмгектеринде мамлекеттин экон. ролу м-н кыяматын ил. жактан негиздеп, соц. чарбачылык жүргүзүүнүн принциптерин, ыкмаларын, формасын иштеп чыккан. Лениндин жетекчилиги м-н 1920-ж. түзүлгөн ГОЭЛРО планы жаңы экон. илимдеги зор жетишкендик. СССР экон. илимин изилдөөдө И. В. Сталин, В. В. Куйбышев, Г. К. Орджоникидзе, Г. М. Кржижановский, К. В. Островитянов, А. М. Румянцев, С. Г. Струмилин ж. б. зор салым кошкон. Союздаш респ-калардын экон. илимин — СССРдеги экон. илимиңин тармактык белүүгү.

Укук. Укук илимине арналган алгачы эмгектер 19-к-дын башында жарык көргөн. А. И. Герцен, Н. Г. Чернышевский, Н. А. Добролюбовдор укук илимине демокр. көз караштө баа беришкен. Соц. укук илими 1917-ж. Окт. рев-ясынан кийин марксизм-ленинизмдин негизинде байкыш. В. И. Ленин «Мамлекет жана революция» (1917), «Совет бийлигинин кезектеги милдеттери» (1918), «Мамлекет жөнүндө» (1919) ж. б. эмгектеринде укук жоболорун иштеп чыгып, Совет мамлекетинин ж-а укугунун жаңы теориялык негизин түзгөн. 20—30-жылдарды марксчыл укук таануунун жаңы теориялык проблемалары м-н методологиялык негизин иштелип чыккан. Ири марксчыл илимпоздор П. И. Стучка, Е. В. Пашуканис, Н. В. Крыленколор укук илимиңин өнүгүшүнө чоң салым кошкон. 1936-ж. кабыл алынган СССР Конституциясы сов. мамл. курулушта ж-а укук тармактарынын өнүгүшүнө чоң роль ойногон. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында Сов. Армиянын согушка жөндөмдүүлүгүн чыңдоонун укук аспектилери иштелип чыккан КПССтин съездөөрү, атайын токтомдор ж-а парт. мамл. документтер кабыл алган маселелерди ишке жүзүнө ашыруу м-н, сов. илимпоздор соц. мамлекеттин ж-а укуктун өнүгүшүнүн закон ченемин, өнүккөн соц. коомдун саясий системасын ж. б. изилдөөдө. Укук илимиңин проблемаларын изилдөө СССР ИАның Мамлекет ж-а укук ин-тунда (Москвадагы), союздаш респ-калардын ИАларынын мамлекет ж-а укук секторлорунда, ун-ттердин укук ф-теттеринде, СССР юстиция мин-восунун Совет укугу ин-тунда жүргүзүлөт.

Тил. Сов. тил илими Улуу Окт. Соц. рев-ясынан кийин гана калыптанган. СССРде тил илиминин теорилары Лениндик улут саясатка, СССР элдеринин тең укуктуулугуна негизделди. Окт. рев-ясына чейин жазуусу болбогон 50 тилдин алфавити түзүлдү. Кумык, ногой, казак, өзбек, каракалпак, гагауз, кыргыз ж. б. тилдердин түнгуч ил. грамматикалары, ар түрдүү сөздүктөр (этимологиялык, диалектологиялык ж. б.) пайда болду. Түрк тилдерин изилдөө кулач жайды (З. А. Гордлевский, Н. К. Дмитриев, К. К. Юдахин, А. Н. Кононов, Н. А. Баскаков, Н. А. Батманов, Э. Р. Тенишев ж. б.) Совет элиниң улуттук адабий тилинин түзүлүш, калыптанышына ж-а аның тарыхына көңүл бөлгөн (И. К. Белодед, В. В. Виноградов, В. М. Жирмунский, Н. И. Конрад, Ф. П. Филин ж. б.) орус окумуштуулары чоң салым киргизген. Ал эми орус тилин көп улуттуу СССР элдеринин тилин байкытты, улут аралык катнаштын негизги куралына айланды. Улуттук мектептерде орус тилин окутуу теорилесы м-н методикасы иштелип чыкты. Тил илиминин маселелерине арналган ил. монографиялар басылып чыгууда.

3. ИЛИМИЙ МЕКЕМЕЛЕРИ.

СССРде 1970-ж. 5200дөн ашык ил. мекеме болуп, аның 2700дөн ашыгы ил. из. ин-ту ж-а болумдөрү болгон. Ил.-тех. прогресстин ишин ж-а бирдиктүү ил. саясатты жүргүзүүчү жалпы мамл. орган — СССР Мин. Советинин илим ж-а техника б-ча комитети (1965-ж. түзүлгөн). Табият ж-а коомдук илимдер б-ча изилдөөлөрдүн маанилүү багыттарын уюштуруу СССР ИАга жүктөлгөн. Фундаменталдуу изилдөөлөрдү жүргүзүү м-н СССР ИА өз чарбасындагы актуалдуу ил.-тех. проблемаларды иштеп чыгууда. Аның Президиуму, секцияларына, бөлүмдөрүнө карапгуу илимдин түрдүү тармактары, бапгыты б-ча 200дөн ашык Советтер иштейт. 1975-ж. СССР ИА 250дөй ил. мекемени бириктирип турган. Академиянын өзүнө таандык изилдөө флоту бар. 1970—71-ж. СССР ИАның Ы. Чыгыш ж-а Урал ил. борборлору түзүлгөн. 1975-ж. ИАның 9 бөлүмү иштеп, аның үчөө Сибирь бөлүмүнүн составында болгон. Союздаш респ-калардын ИАларында сов. ири илимпоздор иштейт. Мындай 14 академия 400дөй (1975) ил. мекемени бириктирет. Ө. ж., а. ч., транспорт, байланыш, мед., өлгө билим берүүнүн ар кыл тармактарын тикеден тике ил. жактан камсыз кылуучу үюмдар кеңейди. Бардык ил. мекемелердин 60тан ашуунү мин-во, ведомство системасында иштейт. СССР ИАның тармактык академияларының (ВАСХНИЛ, СССР МИА м-н ПИА ж. б.) үюмдаштыруу ролу өстү. 1975-ж. МИАның 38, ПИАның 12 ил. из. ин-ту болгон. ВАСХНИЛдин (1975) 7 регионалдык бөлүмү бар: Сибирь (Новосибирскиде), Түштүк (Киевде), О. Азиялык (Ташкендө), Чыгыш (Алматыда), Закавказ (Тбилисиде), Батыш (Минскиде), Каратопуракчы зона (Ленинградда). Аның 60тан ашык ил. из. ин-ту, ондогон лаборатория, тажрыйба станциясы ж. б. иштейт. Жаңы тех. ж-а технол. жаратуу мадүрүш бириктемелери ийгиликтүү чечүүдө. Алардын ичинде «Позитрон», «Пластполимер», «Агроприбор», «Нефтехим» ж. б. кирет. Өндүрүш жайларында «заводчук сектор» деп аталган ил. из. лабор-я, бюро, топтор ж. б. өнүкту. Мис., «АвтоЗИЛ» өндүрүш бириктемесинин составында 50дөн ашуун ил. из. лабор-я иштегени (1975). Илимге жог. мектеп мекемелери зор салым кошууда. Жог. окуу жайларында өлкөнүн ил. кызматкерлеринин ⅓ иштейт, аның жарымы илимдин доктору ж-а кандидаты, 60 миңдейи аспирант. Жог. мектеп системасында 60тан ашуун ил. из. ин-ту ж-а конструктордук бюро, 1300дөй ил. из. лабор-ясы, сектор ж. б. иштеген (1975). Алардын ишараметин СССР жог. ж-а атайын орто билим берүү мин-восунун ил.-тех. совети координациялайт. СССРде 1977-ж. жог. мектеп базасында ил. мекемелердин өң алгачкы регионалдык бириктемеси — жог. мектептин Түн.-Кавказ ил. борбору түзүлгөн. Ал 40тан ашуун жог. окуу жайды, регионалдык 60 ил. из. үюмүнүн ишин координациялайт. Москвада Бүткүл союздук ил.-тех. информациялык борбор түзүлгөн.

Басма сөз, радио уктуруу, телекөрсөтүүсү. Журналдар. СССРде 1977-ж. 6862 наамдагы журнал басылмалары, аның ичинде 1367 журнал чыккан. Алардын негизгилери: «Коммунист», «Политическое самообразование», «Огонёк», «Крестьянка», «Юность», «Знамя», «Октябрь», «Наука и жизнь», «Здоровье» ж. б. 1977-ж. журналдар СССР элдеринин 44 тилинде ж-а 20 чет тилде басылган.

Газеталар. 1977-ж. 7923 наамдагы газета жарык көргөн. Негизги борб. газеталар: «Правда», «Известия», «Комсомольская правда», «Пионерская правда», «Сельская жизнь», «Советская Россия» ж. б. 1977-ж. газеталар СССР элдеринин 56 тилинде, 10 чет тилде чыккан.

Басмалар. СССРде бүткүл союздук, респ-калык маанидеги басмалар бар. Негизгилери: «Политиздат», «Художественная литература», «Наука», «Мысль», «Правда», «Советский писатель», «Молодая гвардия», «Известия», «Искусство», «Воениздат» ж. б.

Радио уктуруу. Радио СССРдин бардык аймагында СССР элдеринин 68, чет өлкөлөрдүн 70 тилинде уктурулат. 1977-жылдын башында бүткүл союздук радио уктуруу 8 программада иштеген (суткалык орточо көлөмү 158,3 с). СССРдеги жерг. радио уктуруунун респ-калык, крайлык, обл. ж-а шаардык радиостанциялар жүргүзөт.

Телекөрсөтүү. 1977-ж. борб. телекөрсөтүү 8 программа б-ча иштеп, аның 4 программасы алыскы райондорду тейлеген. Бул көрсөтүүлөрдү таратууда жердеги м-н катар космостук каражаттар да пайдаланылат («Молния-1», «Молния-2», «Молния-3», «Радуга», «Экран», «Орбита» ж. б.). Респ-калык ж-а жерг. телекөрсөтүүнү 130 телетүйүнү тейлейт.

Адабияты. Совет адабияты Улуу Окт. соц. рев-ясынын жеңишинин натыйжасы катары СССР элдеринин маданий салтатынын ж-а алардын өз ара таасирленүүсүнүн негизинде жаралган.


СССР элдеринин адабий мурасы, аның азыркы мыкты үлгүлөрү бүткүл дүйнөге таанымал болду. Совет ад-ты — көп улуттуу да, көп тилдүү да, ошол өле учурда бирдиктүү да ад-т. Аның методу — көркөм чыгыктын ар кыл ж-а бай улуттук формалары м-н жанрларынан турган *социалисттик реализм*. СССР элдеринин ад-тынын өнүгүш этабы негизинен советкоомунун өнүгүш закон ченемине туура келет. Совет ад-тына М. Горький, А. Серафимович, Д. Бедный, В. Маяковский лер тарабынан негиз салынган. Армян эли А. Акопян, Е. Чаренц, грузин эли Г. Табидзе, азерб-н эли Д. Жабарлы, украин эли П. Тычина, В. Сосюра, белорус эли Я. Купала, Я. Колас, өзбек эли Г. Гулам, тажик эли С. Айни, казак эли С. Сейфуллин, латыш эли А. Упит өздүү рев-ячыл акындарын берген. Рев-я жаратkан совет ад-ты баатырдык ж-а драмалык турмуш материалдарынан азыктанып өнүккөн: А. Блок, В. Маяковский, С. Есенин, Б. Пастернак, В. Сосюра ж. б. акындардын поэзиясы, Д. Фурманов («Чапаев»), А. Серафимович («Темир сел»), Вс. Иванов («Бронепоезд 14—69»), А. Фадеев («Талкалоо»), К. Тренёв («Любовь Яровая»), А. Головко («Бурьян»), М. Чарот («Кол жуун калгандар»), К. Яшен («Эки коммунист»), Х. Хамза («Бай жана батрак») ж. б. жазуучулардын прозасы ж-а драматургиясы. Рев-я проблематикасынын улуттук өзгөчөлүүгү В. Чумак, В. Блакитный-Эллан, С. Васильченко (Украина), В. Терьян (Армения), М. Ордубады (Азерб-н), С. Сейфуллин, С. Муканов (Каз-н) ж. б-лардын түнгуч чыгырында ачылган. 20-жылдар — 30-жылдардын башындагы ад-т курч тап күрөшү, рев-ячыл өзгөрүштөр жүрүп турган мартарда өөрчүгөн. Жалпы союздук ад-ттын өнүгүшүндө орус ад-тынын тажрыйбасы өзгөчө роль таандык: М. Горькийдин, В. Маяковскийдин чыг-лыгы, Н. Тихонов, Н. Асеев, М. Исаковский, М. Светлов, А. Прокофьев, Э. Багрицкий ж. б-лардын чыг-лары. 30-жылдардын башында Т. Табидзенин, П. Яшвилинин (Грузия), А. Вштуниин, Г. Саряндын (Армения), С. Рустамдын, С. Вургундун (Азерб-н), А. Токомбаевдин (Кырг-н) жазуучулук ысымдары таанылга баштаган. 30-жылдарды Н. Островский («Болот кантип курчуду»), М. Шолохов («Көтөрүлгөн дың»), А. Корнейчук («Платон Кречет»), Л. Качели («Гради Бигва»), А. Фадеев, Ф. Гладков, М. Шагинян, А. Малышкин, С. Сейфуллин, В. Катаев, Л. Леонов ж. б-лар жазган чыг-лар ыкчам темпте өнүгүп жаткан соц. турмушту идеялык ж-а эмоциялык-образдык жактан терең аңдап билүүнүн мыкты үлгүлөрү болду. Бул жылдары, о. эле М. Горькийдин рев-я болор алдындагы орус калкынын 40 жылдык турмушун дыкаттык м-н көрсөткөн «Клим Самгиндин өмүрү» романы, А. Толстойдун рев-я үчүрүндагы алдыңкы орус интеллигенциясынын татаал жолун баяндаган «Кыйын кезең» романы, М. Шолоховдун калайыктын рев-я аркылуу жаңы турмушка өтүшүндөгү кыйын кезеңдөгү ж-дөгү эпопеялык баяны — «Тынч Дон» романы жаралды. Шолоховдун «Көтөрүлгөн дың» м-н А. Твардовскийдин «Муравия өлкөсү» поэмасы колхоз турмушу ж-дөгү өзүнчө бир көп тилдүү чон ад-ттын жаралышына маанилүү таасир берди. Жаш совет ад-тынын ийгиликтери, сов. ад-тчыларды баш коштуруу зарылчылыгы бирдиктүү бүткүл союздук жазуучулар үюмун түзүүнү талап кылды. ВКП(б) БКнын «Адабий көркөм үюмдарды кайра куруу жөнүндө» (1932) деген токтому негизинде сов. жаз. союзу — азыркы СССР жаз. союзу түзүлгөн. Сов. жазуучулардын 1-бүткүл союздук съезди (август, 1934) көп улуттуу совет ад-тынын калыптанып мезгилинин жыйынтыктарын чыгарды, аның биримдигин бекемдеп, соц. реализм методуна аныктама берди.

30-жылдары төмөнкү акын-жазуучулар чыг-лыгын өөрчүтүшкөн: Россияда — П. Бажов, М. Пришвин, А. Макаренко. К. Паустовский ж. б.; Украинада — П. Тычина, М. Рыльский, Н. Бажан, И. Ле. И. Кочерги, И. Микитенко, Ю. Смолич, Н. Рыбак, П. Панч ж. б.; Арменияда — Д. Демирчян, С. Зарян, Р. Кочар ж. б.; Грузияда — К. Лордкипанидзе, Г. Леонидзе, И. Абашидзе, А. Мицехулава, П. Гришашвили, Ш. Дадиани; Азерб-ндда — С. Рахимов, А. Абдуллагасан, Р. Рза ж. б.; Белоруссияда — Э. Вядуля, Т. Хартной, К. Чорный, П. Бровка, П. Глебка ж. б.; 30-жылдардагы О. Авил ад-тындагы ийгиликтер төмөнкү жазуучулардын ысмы м-н байланыштуу: С. Айни, Г. Лахути, М. Рахими (Тажик), Айбек, Г. Гулам, Х. Алимжан, К. Яшен (Өзб-н), Т. Сыдыкбеков, К. Баялинов, А. Токомбаев (Кырг-н), В. Кербабаев (Түрк-н), М. Ауэзов, М. Майлин, Т. Жароков, С. Муканов, Г. Мусрепов, Г. Мустафин, А. Тажибаев, А. Токмагамбетов (Каз-н).

Калайыктын соц. ан-сезиминин өсүшү, өткөндөгү баатырдык окуяларга кызыгуу тарыхый романдын үргаалдуу интеллигенине мүмкүндүк түзгөн (А. Толстойдун, С. Сергеев-Ценскийдин, А. Чапыгиндин, О. Форштун, В. Яицын, В. Шишковдун, А. Новиков-Прибойдун, Ю. Тынянповдун, М. Ордубадынын, С. Вургундун, М. Жавахишвилинин, Д. Шенгелаянын чыг-лары). Сов. сатиранын ийгиликтери М. Кольцов, И. Ильф, Е. П. Петров, М. Зощенко, Остап Вишня, К. Крапива ж. б-лардын чыгларында м-н белгиленген. 20—30-жылдары сов. балдар ад-ты жаралып өнүгө баштады (С. Маршак, К. Чуковский, А. Гайдар, Б. Житков, Л. Кассиль, С. Михалков, А. Барто ж. б-лардын чыг-лары).

Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде сов. ад-т фашизмге каршы жалпы элдик күрөштүн куралына айланган. А. Толстой, И. Эренбург, М. Шолохов, Л. Леонов, А. Фадеев, А. Серафимович, В. Горбатов, В. Вишневский ж. б. жазуучулардын очерктери м-н публ. макалаларында фашизмдин мыкаачылык мацызын ашкерелеп, совет калкынын душманга каршы баатырдык күрөшүн көрсөткөн. Совет элинин ой-кыялынын бу учурдагы ар кыл ж-а терең чагылышы А. Твардовский, Н. Тихонов, Д. Бедный, А. Сурков, М. Исаковский, К. Симонов, С. Маршак, М. Светлов, И. Сельвинский, П. Антокольский, А. Ахматова, О. Бергольц, С. Шипачёв, М. Алигер, В. Инбер, А. Жаров, В. Лебедев-Кумач, С. Гудзенко, М. Луконин, Жамбыл, Гулам, Алимжан, Зарьян, А. Исаакян, М. Рыльский, П. Тычина, Н. Бажан, И. Нехода, Я. Купала, Я. Колас, А. Малышко, А. Кулешов, М. Танк, П. Бровка, К. Крапива, С. Вургун, И. Абашидзе, Г. Леонидзе, С. Нерис, Я. Судрабкалн, А. Кешоков, М. Карим, Ж. Бекенбаев, М. Маркин, И. Фефер ж. б-лардын поэзиясынан айкын көрүнгөн. Татар акыны Муса Жалил Маобит түрмесинде (Берлин) жатып, «Маобит дептери» ыр китебин жаткан. Твардовский алдык күлк-мүжараткан. Твардовский алдык күлк-мүнөздүн, сов. жоокердин жакшы сапаттарын камтыган «Василий Тёркин» поэмасын жазган. Фадеев («Жаш гвардия»), А. Бек, В. Гроссман, Симонов, Леонов, В. Василевская, Л. Соболев, Корнейчук, Я. Колас, А. Упит, В. Лацис, П. Цвирка ж. б. көп жазуучулар совет калкынын башына түшкөн оор сыноону көрсөтүп, аны жеңишке жеткирген батырдык жолду баяндаган чыг-лар жаратышты.

Согуштан кийинки адепки жылдары согуш темасы В. Полевойдун «Чыныгы адам жөнүндө повести», И. Эренбургдун «Буроон», О. Гончардын «Туу көтөрүүчүлөр» үчилтиги, М. М. Лыньковдун «Унутулгус күндөр» ж. б. чыг-ларда улантылды. Тынчтык, эл аралык тилектештик темасы А. Сурков, К. Симонов, Н. Тихонов, П. Воронько, М. Танк, М. Малышко, П. Тычина, П. Бровка, А. Венцлова, В. Леонидзе, Я. Судрабкалн, А. Рыльский, С. Капутикян, Р. Гамзатов, М. Турсунзаде ж. б-лардын чыг-ларында көрсөтүлдү. Согуш учурундагы ж-а эл чарбасын калыбына келтирүүнүн кыйын мезгилдеринде жумушчу табы м-н дыйкандар түрмушун көрсөткөн чыг-ларды Г. Бедный, В. Кочетков, В. Панова, А. В. Ажаев, В. Кожевников, Г. Марков, С. Саксе, К. Лордкипанидзе, Т. Сыдыкбеков, Г. Леберехт, Р. Мустафин, М. Гусейн, Г. Ибрагимов, Ф. Мустафин, М. Ибрагимов, Ф. Мустафин, М. Ибрагимов, Ф. Мустафин, М



Ульяновск. Ленин мемориал комплекси.

ге ээ). 12—13-к-да Новгород, Псков, Владимир, Галич, Полоцк ж. б. ш-ларда арх-ралык мектептер түзүлгөн. 14-к-да Москва көркөм мектеби алдыга чыккан. 15—16-к-дагы эстеликтер композициялык чечилиштери, силуэттин живописттүүлүгү, жасалгасынын байлыгы м-н дүйн. маанилүү ээ (Кремль ансамбли, 15—17-к.; Василий Блаженный храмы, 1555—60). Бул мезгилдеги орус иск-во шедеврине А. Рублёв (15-к.) ж-а Дионисийдин (15—16-к.) икона ж-а фрескалар цикли ж. б. кирет. 17—18-к-да СССР аймагында жашаган элдердин (Украина, Белоруссия, Молдавия, Балтика бою, Грузия, Армения ж. б.) иск-восу ж-а арх-расы дини идеологиядан бир кыйла четтеп, реализм жолуна түшө баштаган. 1757-ж. Петербург көркөм академиясы түзүлгөн. 18—19-к-дагы орус шаар куруу иштеринин дүйн. мааниси бар (Петербург ж. б. ш-лардын ансамбли). Элдик зодчийлиште улуттук өзгөчөлүктөр сакталган. Капитализмдин өнүгүшү м-н курулуш да кеңейген (жаңы типтеги имараттар, курулуш конструкциялары ж-а материалдар), бирок жеке менчиктин кесепетинен башаламан курулуп, зодчийликте социалдык карама-каршылык өтө күчүгөн.

Окт. рев-ясынын жеңишинен кийин арх-раның өнүгүшү жаңы элдик принцип м-н аныкталып, Совет бийлигинин биринчи жылынан Москва, Ленинград ж. б. ш-ларды кайра куруу долбоору иштелип, эмгекчилер үчүн ыңгайлуу турак-жай райондору курула баштаган. 1920—30-ж. конструктивизм тенденциясынын өнүгүшүнөн о. ж. курулуштары кеңейип (В. И. Ленин атн. Днепр ГЭСи ж. б.), көп ири коомдук имараттар курулган. В. И. Лениндин Мавзолейи (арх. А. В. Щусев, 1929—30) — сов. зодчийлердин көрүнүктүү чыгармасы. 1932-ж. СССР архитекторлор союзу түзүлгөн. Москва, Ленинград ж. б. ш-лар конструкцияланып, коомдук ж-а турак жай имараттары жаңыртылган. Ата Мек. согуштан кийин калыбына келтирүү иштери жүргүзүлгөн. 1955-жылдан турак жай ж-а коомдук курулуштар дээрлик типтештирилип, индустрияланган. 60—70-жылдары ил.-тех. рев-янын жетишкендиктеринин негизинде шаар куруу ж-а арх-рада жаңы мезгил башталган. 1971—76-ж. 99 жаңы шаар курулган. Сов. көрүнүктүү зодчийлер — В. А. Веснин, Л. В. Руднёв, А. И. Таманян, А. В. Щусев ж. б.

Сүрөт өнөрү. СССР аймагынан Байыркы мамл-тердин өтө өнүккөн өнөрлөрүнүн үлгүсү—палеолит ж-а неолит эстеликтери табылган. Орус, Украина, Балтика боюндагы, Белоруссия, Закавказье, О. Азия ж. б. элдердин мад-ты о. кылымда жакшы өнүккөн. 18—19-к-да орус ж. б. улуттардын жаңы реалисттик искво мектептери түзүлгөн. Совет бийлигинин алгачкы жылында формализм м-н натурализмге каршы күрөштө монумент пропагандалоонун планы б-ча саясий плакат ж-а монумент скульптурасы массалык түрдө жаралган. 1930-ж. сүрөт өнөрүндө соц. реализм методу калыптанып, сов. иск-во чеберлери иск-вонун бардык жанрлары ж-а түрлөрү б-ча СССР республикаларынын иск-восунун өнүгүшү үчүн зор иштерди жүргүзүдү. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында плакат ж-а карикатура өнөрү өсүп, совет элинин эрдиги көптөгөн живопись, скульптура ж-а графикаларда тартылган. 1950—70-ж. сов. сүрөт өнөрү соц. чындыкты, сов. адамдын рухий дүйнөсүн терең ачууга баштаган. Улуттук көркөм мектептер да кыйла өнүккөн. Сүрөт өнөрүнүн көрүнүктүү чеберлери скульпторлор: Н. А. Андреев, Е. В. Вучетич, В. И. Мухина, И. Д. Шадр, живописчилер: С. В. Герасимов, А. А. Дейнека, Б. В. Иогансон,



1. А. Цирулис. Гобелен. 2. К. Т. Тельканов. «Ыр баштоочу». 1967. Третьяков гал. Москва. 3. С. В. Рянгина. «Бийкиче». 1934. Киев орус өнөр музейи. 4. Ташкен. Революция алптындагы К. Маркска эстелик.

М. С. Сарьян, график В. А. Фаворский ж. б.

Музыкасы. Сов. муз. иск-во СССР элдеринин музыкасынын өнүгүшүндөгү маанилүү этап болуп саналат. Ал элдик муз. чыг-лыкка ж-а доордогу ата мек., о. эле дүйн. профессионалдык музыка тажикаттарын—демократизм, гуманизм, улуттук өзгөчөлүк, башка элдин мад-тын урматтоо ж. б-ны улантат ж-а өнүктүрөт. Сов. иск-вонун башка түрлөрүндөй эле, сов. музыка коомдук турмушка активдүү катышат, совет элинин нравалык сапаты ж-а эстетикалык сезимдеринин, идеялык көз караштарынын калыптанышына көмөк берет, өнүккөн соц. коомдун адамдарын тарбиялайт. Сов. музыка көп улуттуу, анын өнүгүшүнө бардык сов. республикалын, улуттуун өнүлдөрү катышат. Улуттук муз. мад-т бири бирин толуктап, жалпы идеялык-эстетикалык принциптердин негизинде жакындашып, сов. мад-ты түзөт. Соц. муз. мад-т Окт. рев-ясынан кийин калыптанган. Алгачкы жылдары классикалык муз. иск-во казнасын сактоо ж-а аны элдин менчигине айландыруу, эмгекчилерге муз. билим берүү сыяктуу милдеттерди ишке ашыруу максаты көздөлгөн. Ири муз. мекемелер Совет мамлекетинин колуна өтүп, жаңы концерттик ж-а муз.-агартуу уюмдары, окуу жайлары түзүлгөн. Классикалык салттарды сактоодо орус комп-лору А. К. Глазунов, М. М. Ипполитов-Иванов, А. Д. Кастальскийдин, улуттук музыканын классиктери — У. Гажибеков (Азерб-н), А. А. Спендиаров (Армения), З. П. Палиашвили (Грузия), Л. Н. Ревуцкийлердин (Украина) чыг-лыгы ж-а коомдук ишмердиги чоң роль ойногон. Түңүгүч сов. ырлар («Адыр, түздөрдү кезип», «Будённый маршы» ж. б.) жаралган. Граждогу согуш бүтүп, бейпил курулуш башталышы м-н муз. турмуш кайрадан жандаган. Массалык муз. өздүк-көркөм чыгармачылык өнүккөн. Бардык улуттук респ-кала муз. мад-т курулуштары, орус музыкантарынын жардамы м-н улуттук кадрларды даярдоо башталган. 20—30-жылдарда жаңы муз. жанрлар ж-а формалар калыптанып, алгачкы сов. муз.-театр чыгармалары пайда болот (Р. М. Глиэр, «Кызгалдак» балети, 1927; Д. Д. Шостакович, «Мурун» операсы, Гоголь б-ча, 1930). Рев-я жылдары Н. Я. Мясковскийдин 6-симфониясында (1923), Д. Д. Шостаковичтин 1-симфониясында (1925) чагылдырылган. 1932—41-ж. сов. мад-т жаңы бийиктикке көтөрүлдү. Бардык союздук ж-а бир катар автономия респ-каларда улуттук муз.-театрлар, симф. оркестрлер, камералык-аспаптык ансамблдер ж-а комп. союзу түзүлгөн. Профессионалдык муз. иск-восуна жазуусу болбогон респ-каларда (Өзб-н, Каз-н, Кырг-н, Татар АССРи ж. б.) опера, балет, симф. чыгылар пайда болгон. 1936—41-ж. Москвада, Украина, Каз-н, Грузия, Өзб-н, Азерб-н, Кырг-н, Армения, Белоруссия, Бурят-Монголия, Таж-ндын иск-восунун он күндүктөрү өткөрүлгөн. Сов. патриоттук ырлар (А. Александров, М. Блантер, И. Дунаевский, В. Захаров ж. б.) жаралып, откондун ж-а жаңы замандын реалисттик образдары («Катерина Измайлова», Д. Шостакович, 1934), «Тынч Дон» (И. Дзержинский, 1935). «Кор уулу» (У. Гажибеков, 1936), «Бороондо» (Т. Хренников, 1936) сыяктуу операларда чагылдырылган. Бир катар союздук (айрыкча О. Азия ж-а Каз-н) ж-а автономия респ-каларда (Волга боюнун) муз. драма көпири тараган. Түңүгүч муз. драма ж-а улуттук опералардын авторлору: М. Ашрафи-н С. Васильенко, Р. Глиэр, Т. Садыков, В. Успенский (Өзб-н), Е. Брусиловский (Каз-н), В. Власов, А. Малдыбаев ж-а В. Фере (Кырг-н). Балет жанры тарыхый ж-а классикалык ад-ттын мазмуну, идеясы ж-а образдары м-н байыган (В. Асафьев, «Париж оттору», 1932; Баланчивадзе, «Тоо жүрөгү», 1938; С. Прокофьев, «Ромео жана Жульетта», 1936 ж. б.). Д. Шостаковичтин 5-симфониясы (1937), А. Хачатуряндын фортепиано (1936) ж-а скрипка үчүн (1940) концерттери, С. Прокофьевдин тарыхый-патриоттук темага жазылган «Александр Невский» вокалдык-симф. чыгармасы (1939) ж-а Ю. Шапориндин «Куликов талаасында» симф. кантатасы (1939) сов. музыкасынын ири ийгиликтеринен болуп калды. Улуу Ата Мек. согуштун (1941—45) жылдарында Ата Мекен ж-а душманды жеңүү темасы муз. чыг-лыктын башкы темасы болгон. Аскер гимндери, марштар, ырлар, симф. чыг-лар, опера, балеттер жазылган. Согуштан кийин (1945—55) муз. мекемелер көбөйүп, 1950-жылдан улуттук иск-во он күндүктөрү өткөрүлгөн. Композиторлордун, аткаруучулардын жаңы муузу осуп чыккан (С. Рихтер, Л. Коган, И. Архипова, М. Биешу, Ю. Гуляев, Е. Образцова, Г. Гаспарян, Э. Серкебаев, А. Бабажанян, Е. Баснер, А. Пахмутова, М. Түлөбаев, М. Абдраев, В.

Мажжылкиев ж. б.). Сов. музыканын ийгиликтери эл аралык зор мааниге ээ. Сов. композиторлордун ж-а көрүнүктүү аткаруучулардын чыг-лыгы бут дүйнөгө таанымал. Аның принциптери ж-а методдору бардык элдердин муз. иск-восунда өздөштүрүлүп ж-а жаңы мад-тты түзүүдө чыг-лык м-н пайдаланылууда.

Театры. Компартия ж-а Совет өкмөтү театр өнөрүнүн өнүгүшүнө кеңири жол ачты. Театр ж-а иск-вонун башка түрлөрүндө соц. реализм калыптанды. Совет театры көп улуттуулугу м-н айырмаланат. Совет бийлигинин жылдарында өз театры болбогон же театрдын башталыш формасы гана болгон (өзбек, казак, кыргыз ж. б.) элдердин театр мад-ты өнүктү. Рев-ядан кийинки жылдары агит., коомдук-саясий театрлар кыйла ийгиликтерге жетишти. Театрдын осүшү м-н сов. драматургия да өнүктү (К. А. Тренёв, Вс. Иванов, В. В. Маяковский ж. б-дын пьесалары). Сахнага коммунист, рев-ян ын ж-а гражд. согуштун баатыры сыяктуу жаңы каармандар чыкты. 30-жылдарды В. В. Вишневский, Н. Ф. Погодин, А. Е. Корнейчук, С. Шаншашвили, К. Крапива, М. Ауэзов, Я. Колас ж. б-дын пьесалары көөлду. Режиссёр өнөрү К. С. Станиславский, В. И. Немирович-Данченко, В. Э. Мейерхольдун, В. Брехттин, Е. Б. Вахтанговдун чыг-лык идеялары м-н интенсивдүү өнүгүүдө. Бул идеялардын таасири режиссёрлор Г. А. Товстоногов, Б. И. Равенских, А. В. Эфрос, В. Х. Пансо, М. И. Туманишвили, Ю. Мильтинис, Р. Капланян, Н. Чхеидзенин, актёрлор Ю. К. Борисова, Т. В. Доронина, К. Ю. Лавров, И. М. Смоктуновский, Ю. В. Толубеев, М. А. Ульянов, Н. К. Черкасов, Б. Нерсесян, Р. Чхеидзе, А. Артмане, Д. Банионис ж. б-дын өнөрлөрүнөн байкалат. Сов. театрдын чыг-лык багыты соц. реализмдин принциптери м-н бекемделген.

Киносу. Россияда алгачкы кино 1896-ж. тартылган. 1908-ж. А. Д. Дранков түңүгүч «Стенька Разин жана княжна» фильмин койгон. Рев-яга чейинки режиссёрлору ж-а актёрлору: Я. А. Протазанов, В. Р. Гардин, Е. Ф. Бауэр, П. И. Чардынин, В. В. Холодная, И. И. Мозжухин, О. П. Преображенская, В. В. Максимов, В. Г. Орлова. 1919-ж. кино иштерин мамлекеттештирүү ж-де РСФСР ЭКСтин Декрети чыккан. Соц. рев-яның идеялары сов. кинематография жетөбинин калыптанышына жол ачты. Алгачкы көрүнүктүү фильмдери (үнсүз кино): «Броненосец Потёмкин» (1925, реж. С. М. Эйзенштейн), «Эне» (1926, реж. В. И. Пудовкин, М. Горький б-ча), «Жер» (1930, реж. А. П. Довженко). Жаңычыл режиссёрлор Л. В. Кулешов, Д. Вертов өздөрүнүн теориялык өмгөктөрү ж-а табылгалары м-н кино өнөрүн өнүктүрдү. 30-жылдары чыгарылган: «Чапаев» (1934, реж. бир тууган Васильевдер), «Максим жөнүндө трилогия» (1935—39, реж. Г. М. Козинцев ж-а Л. З. Трауберг), «Виз Кронштадттанбыз» (1936, реж. Е. Л. Дзиган), «Балтика депутаты» (1937, реж. А. Г. Зархи ж-а И. Е. Хейфиц), «Щорс» (1939, реж. Довженко), «Улуу гражданин» (1938—39, реж. Ф. М. Эрмлер), «Ленин Октябрда» (1937) ж-а «Ленин 1918-жылы» (1939, 1938, реж. Юткевич), «Мылтыкчан киши» (1940, реж. М. И. Ромм), «Өкмөт мүчөсү» (1940, реж. А. Г. Зархи, И. Е. Хейфиц) ж. б. фильмдер соц. реализм методунун калыптанышына жол ачты. Кинокомедия «Райкомдун секретары», Ф. М. Эрмлердин «Ал Мекенин коргоду», М. С. Донскойдун «Кок желе», А. М. Роомдун «Жортуул» (Л. Леоновдун пьесасы б-ча) «Жортуул» (Л. Леоновдун пьесасы б-ча) ж. б. фильмдерде чагылдырылган. Согуш кино жыл баянын «Немец аскерлеринин Москва аллында талкаланышы», «Биздин Советтик Украина үчүн салгылаш» ж. б. документ фильмдерде көрсөтүлгөн. 40-жылдардын 2-жарымында М. С. Донскойдун 2-жарымында М. С. Донской-







1. А. И. Хачатуряндын «Спартак» балетинен көрүнүш. 1961. Г. Сундуков атн. Армян драма театры. 2. В. Вишневскийдин «Оптимисттик трагедия» спектаклинен көрүнүш. 1955. Ленинграддагы А. С. Пушкин атн. академиялык драма театры. 3. «Чүүчү кадам» кинофильминен кадр. 1965. Реж. А. Карлиев. Түркменфильм.

М., 1971; Итоги Всесоюзной переписи населения 1970 года, т. 1—3, М., 1972; Языки народов СССР, т. 1—5, М.—Л., 1966—68; Белодед И. К., Развитие языков социалистических наций СССР, Киев, 1969; Дешериев Ю. Д., Протченко И. Ф., Развитие языков народов СССР в советскую эпоху, М., 1968; Граник Г. И., Мазанова М. Б., Вопросы размещения производительных сил в СССР, М., 1969; Лаврищев А. Н., Экономическая география СССР, М., 1972; Народное хозяйство СССР. 1922—1972 гг. Юбилейный стат. ежегодник, М., 1972; Саушкин Ю. Г., Комплексное развитие народного хозяйства СССР, М., 1966; К новым рубежам (развитие народного хозяйства СССР в девятой пятилетке), М., 1971; Хрущёв А. Т., География промышленности СССР, М., 1969; Цепляев В. П., Лесное хозяйство СССР, М., 1965; Ракитников А. Н., География сельского хозяйства (проблемы и методы исследования), М., 1970; Размещение и специализация сельского хозяйства СССР, М., 1969; Сельское хозяйство Советского Союза, К XIV Международной конференции экономистов сельского хозяйства в г. Минске в 1970 г., М., 1970; Сельское хозяйство СССР на современном этапе. Достижения и перспективы, М., 1972; География путей сообщения. М., 1969; Внешнеэкономические связи СССР за 50 лет, М., 1967 (Бюллетень иностранной коммерческой информации. Прилож. 9); Атлас СССР, 2 изд., М., 1969; Многонациональное Советское государство, М., 1972; Политическая организация советского общества, М., 1972; КПСС и строительство Советских Вооружённых Сил. 2 изд., М., 1967; 50 лет Вооружённых Сил СССР, М., 1968; В едином строю, Мн., 1970; Организация здравоохранения в СССР, 2 изд., М., 1962; Гращенков Н. И., Лисицин Ю. П., Здравоохранение в СССР и достижения советской медицины, М., 1958; 50 лет советского здравоохранения. 1917—1967, М., 1967; КПСС во главе культурной революции в СССР, М., 1972; Страна Советов за 50 лет. Сборник статических материалов, М., 1967; Народное образование, наука и культура в СССР. Стат. сб., М., 1971; Народное образование в СССР, М., 1967; Горбунов В. В., Ленин и социалистическая культура, М., 1972; Чернов Н. М., Развитие культуры в СССР, М., 1971; Петряков Г. В., Общество высокой культуры, М., 1970; История советской многонациональной литературы, в 6 т., т. 1—4, М., 1970—72; Зелинский К. Л., Литература народов СССР, М., 1957; Озеров В. М., Полвека советской литературы, М., 1967; Петров С. М., Возникновение и формирование социалистического реализма, М., 1970; История русского искусства, т. 11—13, М., 1957—64; 50 лет советского искусства. Живопись, М., 1967; 50 лет советского искусства. Скульптура, М., 1967; 50 лет советского искусства. Графика, М., 1966; Градостроительство СССР. 1917—1967, М., 1967; Советская архитектура за 50 лет, М., 1968; Художники народов СССР. Биобиблиогр. словарь, т. 1—2, М., 1970—72; История русской советской музыки, т. 1—4 (ч. 1—2), М., 1956—63; История музыки народов СССР, т. 1—4, М., 1970—73; Данилевич Л. В., Книга о советской музыке, 2 изд., М., 1968; В первые годы советского музыкального строительства, Л., 1959; История советского драматического театра, т. 1—6, М., 1966—71; История советского кино, в 4 т., т. 1, М., 1969; Советский Союз. 1922—1972. (Фотоальбом), М., 1972.

СОВЕТ-ТУРЦИЯ МАКУЛДАШУУЛАРЫ. Дипл. мамиле 1920-ж. 2-июнь—29-ноябрда башталган. 1925-ж. 17-декабрда достук ж-а бейтараптык ж-до келишимге кол коюшкан. 1929-ж. 17-декабрдагы токтом б-ча тараптар бири бирине кабарлабай туруп, оз коцшулары м-н саясий келишимдерди түзбөөго милдеттенишкен (1945-ж. 19-мартта СССР андан баш тартканы). СССР ж-а Турция башка өлкөлөр м-н бирге 1936-ж. 29-июлда Кара деңиз кысыктарынын режими ж-дөгү Конвенцияга кол коюшкан (Монтрё конференциясы, 1936). 1937-ж. 15-июлда чек ара жаңжалдарын чечүү тартиби ж-до конвенция, соода ж-а деңиздө сүзүү ж-до (8.10.1934), т. ж. байланышы ж-дө (27. 4. 1961), аба байланышы ж-дө (29. 8. 1967) ж. б. келишимдер түзүлгөн. 1972-ж. 17-апрелдеги ынтымактуу коцшулуктун принциптери ж-дөгү Декларацияда тараптар мындан ары да достук мамилелерди өнүктүрөт деп белгиленген. 1975-ж. 29-декабрдагы Коммюникеде кызматташтык ыраатгуу өнүгүп жаткандыгы белгиленген. 1978-ж. экон. кызматташтык ж-дө келишимдер түзүлгөн.

«СОВЕТ ТҮРКМЕНИСТАНЫ» («Советтик Түркмөнстан») — респ-калык газета. Түркм-н КП БКнын, Түркмөн ССР Жог. Советинин Президиумунун ж-а Мин. Советинин органы. 1920-ж. «Түркменистан» деген ат м-н негизделип, 1936-жылдан «С. Т.» түркмөн тилинде Ашхабадда жумасына 6 жолу чыгат. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган (1958). Тиражы 150 миң (1977).

«СОВЕТ УЗБЕКИСТОНИ» («Советтик Өзбекстан») — газета, Өзб-н КП БКнын, Өзбек ССР Жог. Советинин Президиумунун ж-а Мин. Советинин органы. 1918-жылдан Ташкенде «Иштирокиюн» («Коммунист») деген ат м-н чыгып, кийин наамы бир нече жолу өзгөргөн. 1964-жылдан «С. У.» деген ат м-н өзбек тилинде күн сайын чыгат. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган (1958). Тиражы 685 миң (1977).

СОВЕТ-ФИНЛЯНДИЯ МАКУЛДАШУУЛАРЫ. Дипл. мамиле тынчтык келишимине (1. 10. 1920) кол койгондон кийин 1920-ж. 31-декабрда башталган. (Совет өкмөтүнүн 1917-ж. 18 (31)-декабрдагы Декрети б-ча Финляндиянын көз карандысыздыгы ырасталган). 1926-ж. СССРдин демилгеси б-ча бири бирине кол салбоо ж-а чыр-чатакты тынчтык жол м-н чечүү ж-дө келишимге кол коюшкан. Экинчи дүйн. согуштун (1939—45) шартында Совет өкмөтү 1939-ж. окт. — ноябрь айларында СССРдин коопсуздугун камсыз кылуу максатында совет-финляндия чек арасында кээ бир өзгөрүүлөр ж-дө сунуш киргизген. 1939-ж. 28-декабрда Финляндиянын реакциячыл башкаруу чөйрөсү бул сүйлөшүүлөрдү бузган. Финляндия өкмөтүнүн саясаты *совет-финляндия согушуна (1939—40)* алып келген. Согушта Финляндия жеңилип, 1940-ж. 12-марттагы элдешүү ж-дө келишим жаңы чек араны орнотқон. Фаш. Германия СССРге кол салганда Финляндия да согуш жарыялаган (26. 6. 1941). Финляндия СССР ж-а Улуу Британия м-н жаратуу ж-дөгү келишимге 1944-ж. 19-сентябрда кол койгон. 1945-ж. 6-августта дипл. мамиле кайра калыбына келтирилген. 1947-ж. 10-февралдагы келишим согуш абалын жоюп, 1944-жылкы келишимдин жоболорун бекиткен. Ил.-тех. кызматташтык ж-а маданий байланыштар б-ча контогон келишимдер түзүлгөн (6. 2. 1954; 16. 8. 1955; 5. 11. 1959; 27. 8. 1960; 10. 2. 1967; 18. 10. 1968; 14. 5. 1969; 20. 4. 1971; 1. 9. 1975; 23. 11. 1976 ж. б.).

СОВЕТ-ФИНЛЯНДИЯ СОГУШУ (1939—40) оз өлкөсүн СССРге кол салуу плацдармына айландырып, СССРдин түн.-батыш чек аралары м-н Ленинградга түздон түз коркунуч келтирген Финляндиянын реакциячыл өкмөтүнүн саясатынан келип чыккан. Экинчи дүйн. согуш шартында Совет өкмөтү Финляндия өкмөтүнө оз ара жардамдашуу пактысын түзүү ж-а мамл. чек араны Ленинграддан түндүккө карай жылдыруу, анын ордуна Түн. Карелияның бир болүгүн берери ж-дө печен прет кайрылган. Финляндия бул тынчтык сунуштарды четке кагып, 1939-ж. ноябрда совет-финляндия чек арасында провокациячыл согуш аракеттерин баштаган. 1939-ж. 30-ноябрда сов. аскерлер. АДК чек арадан өтүп, негизинен Карел мойногунан сокку уруп, бир нече финн аралын ээлеген. 1940-ж. 13—15-февралда сов. аскерлер бекемделген тилкени бузуп өтүп, аны ээлеген. 10-мартка карай Финн булуңунан өтүп, Выборгго (Виипуринн) чабуул койгон. Финляндия өкмөтүнүн сунушу б-ча 12-мартта Москвада элдешүү келишимине кол коюлуп (к. *Совет-финляндия макулдашуулары)*, 13-мартта согуш токтогон. Келишимдин шарты б-ча түндүктөгү сов. чек аралы ж-а Ленинградды коргоо жагдайы жакшырган.

СОВЕТ-ФРАНЦИЯ МАКУЛДАШУУЛАРЫ. Дипл. мамиле 1924-ж. 28-октябрда башталган. 1932-ж. 29-ноябрда бири бирине кол салбоо ж-дөгү келишимге кол коюшкан. 1935-ж. 2-майдагы оз ара жардамдашуу ж-дөгү келишимде экоонун бирине европ. башка мамлекет кол салуу коркунучун пайда кылса, оз ара кецешип турууга ж-а тез арада жардам көрсөтүүгө милдеттенишкен, бирок ал 1939-ж. оз күчүн жоготкон. 1944-ж. 23-октябрда СССР Франциянын Убактылуу өкмөтүн таанып, эки тарап 20 жылдык мөөнөткө союздаштык ж-а оз ара жардам ж-дөгү келишимге кол коюшкан (10. 12 1944). 1954-ж. Париж келишимине кол койгон соц СССР 1955-ж. майда 1944-жылкы келишимди жокко чыгарган. 60—70-жылдары экон. ил.-тех. ж-а маданий байланыштар б-ча келишимдер түзүлгөн (22. 3. 1965; 4. 5. 1965; 30. 6. 1966; 8. 7. 1967; 9. 1. 1969; 6. 12 1974). 1971-ж. 30-октябрдагы Декларацияда эки тарап коопсуздук ж-а кызматташтык ж-дө жалпы европ. кецешмени чакырууга макулдугун билдиришкен. 1977-ж. 22-июнда Парижде ядролук куралды таркатпоо ж-дөгү

декларацияга, эл аралык оорчулукту жецилдетүү ж-дөгү биргелешкен билдирүүгө ж-а химия, транспорт байланыштары б-ча келишимдерге кол коюлган.

СОВЕТ-ЧЕХОСЛОВАКИЯ МАКУЛДАШУУЛАРЫ. Дипл. мамиле 1934-ж. 9-июндан башталган. 1935-ж. оз ара жардамдашуу ж-дө келишим түзүлгөн. 1939-ж. фаш. Германия Чехосл-яны басып алганда СССР Чехосл-яның көз карандысыздыгын таануунун улантып, 1941-ж. анын эмигрант өкмөтү м-н СССР фаш. Германияга каршы биргелешип аракет кылуу ж-дө келишим түзүшкөн. 1943-ж. согуштан кийинки кызматташтык ж-а оз ара жардамдашуу ж-дө келишимине кол коюшкан. Закарпаттык Украина калкынын УССРге кошулуу ж-дөгү каалоосун канааттандырып, 1945-ж. Закарпаттык Украина ж-дө келишимге кол коюшкан. Чехосл-яның мамл. өзүнчөлүгү калыбына келтирилгенден кийин экон., ил.-тех. байланыштар б-ча келишимдер түзүлгөн (1946, 1947). СССР, Чехосл-я ж. б. соц. өлкөлөр 1949-ж. СЭВди түзүшкөн, 1955-ж. *Варшава договоруна* кол коюшкан. СССР — Чехосл-я — ВЭР нефть жүргүзүн куруу ж-дө (1959), экон., ил.-тех. кызматташтыкта өлкөлөр аралык комиссия түзүү ж-дө (27. 11. 1963; 3. 12. 1964; 23. 4. 1966; 9. 28. 1972) ж. б. келишимдер, о. эле Сов. Армиянын ЧССР аймагында убактылуу болуну ж-дө келишим (1968) түзүлгөн. 1975-ж. 1976—80-ж. эл чарба пландарын координациялоо ж-дө токтомго кол коюшкан. 1975-ж. 26-ноябрдагы Коммюникеде КПСС м-н КПЧнин ортосундагы байланышты мындан ары тереңдетүү маанилүү экендиги белгиленген. 1978-ж. биргелешкен билдирүүдө достук ж-а ар тарапту кызматташтыкты андан ары чыңдоо зарылдыгы корсөтүлгөн.

СОВЕТ ЭЛИ — аймагы, экономикасы, соц. мад-ты, союздук жалпы элдик мамлекети ж-а жалпы максаты (коммунизмди куруу) бир элдердин жаңы тарыхый, социалдык ж-а интернац. жалпылыгы; соц. кайра жаратуулардын ж-а улуттардын, элдердин жакындашуусунун натыйжасында СССРде калыптанган. С. э. ж-дөгү теориялык жобо КПССтин 24-съездинде негизделген. Аны СССРдин жаңы Конституциясы (1977) закон жүзүндө бекемдеди. В. И. Ленин социализм элдердин биргелешип жашоосунун жаңы түрлөрүн жарата тургандыгын белгилеген. С. э. — соц. түзүлүш, марксчыл-ленинчил идеология, коммунисттик идеал, интернационализмдин принциптери аркылуу бириккен көп улуттуу эмгекчилердин коллективи. С. э-нде мамл. бийликтин ж-а мамл. башкаруунун жог. органы бир. Орус тили — улут аралык пикир алмашуу каражаты. С. э-нин калыптанышында КПСС зор роль ойногон. Ал жалпы С. э-нин мүдөөсүн көздөп, анын ар дайым чың болушу үчүн кам көрөт. С. э-нин материалдык ж-а рухий жалпылыгы өнүккөн социализм учурунда кецири өнүктү. Социалдык-саясий биримдиктин чыңалышы, пролетариат диктатурасынын жалпы элдик мамлекетке айланышы С. э-н ого бетер тыгыз баш коштурду. Өнүккөн социализмдин ж-а коммунизмди куруунун мезгилинде жалпы союздук экономиканын деңгээли жогору көтөрүлдү. Социалдык-саясий ж-а экон. жалпылык С. э-нин рухий жалпылыгын, улуттук мад-ттардын жакындашуусун күчөттү. Улуттук деген түшүнүктүн мааниси кецейди. С. э. жаңы социалдык ж-а интернац. жалпылык катары СССРде социализмдин мындан ары өнүгүшүнүн аныктоочу формасына айланып, элдердин келечектеги интернац. жалпылыктарынын үлгүсү болду.

Ад.: КПССтин XXV съездинин материалдары, Фр., 1977; Ким М. П., Советский народ — новая историческая общность, М., 1972; Исаев К., Некоторые проблемы усиления социальной однородности советского народа, «Научный коммунизм», 1977, № 4.

СОВЕТ-ЮГОСЛАВИЯ МАКУЛДАШУУЛАРЫ. Дипл. мамиле 1940-ж. 24-июндан башталган. Фаш. Германия м-н Италия согуш коркунучун туудурган шартта СССР м-н Югосл-я 1941-ж. 5-апрелде достук ж-а бири бирине кол салбоо ж-дө келишим түзүшкөн, бирок Югосл-яга фашисттер кол салган соц мамиле үзүлгөн. 1941—45-ж. Югосл-яда элдик-бошт. согуштун жүрүшүндө Югосл-яны бошотуунун улуттук комитети түзүлүп, ага СССР согуштук ж-а материалдык жардам берген. Демокр. Федерациялык Югосл-яның Убактылуу элдик өкмөтү түзүлгөндөн (7. 3. 1945) кийин, достук, оз ара жардам ж-а согуштан кийинки кызматташтык б-ча келишим түзүлгөн (11. 4. 1945). 1949-ж. совет-югославия мамилеси бузулуп, бул келишим оз күчүн жоготкон. 50-жылдардын ортосунда соода, ил.-тех., аба байланышы б-ча келишимдер түзүлгөн. 1955-ж. 2-июндагы Декларацияда эки тарапту ж-а эл аралык кызматташтыктын өсүшү ж-дө оз пикирлерин билгизишкен. 1976—80-ж. экон. кызматташтыктар б-ча келишимдер түзүлгөн. Сов.-югосл-ялык коммюникеде (19. 8. 1977) тараптар мурдакы келишимдердин принциптерине бектигин, тынчтыкты чыңдоого, эл аралык оорчулукту жецилдетүүгө, куралсыздануу б-ча бүткүл дүйн. конф-яны чакырууга ж-а Ж. Чыгыштагы абалды жакшыртууга бардык мүмкүнчүлүктөрүн жумшай тургандыгын билдиришкен.

СОВЕТ-ЯПОНИЯ МАКУЛДАШУУЛАРЫ. Дипл. мамиле 1925-ж. 25-февралдан башталган. Ага чейин оз ара мамилелердин негизги принциптери жөнүндө конвенцияга (20. 1. 1925) кол коюлган. СССР *Портсмут тынчтык келишимин (1905)* күчүндө калтырууга макул болгон, бирок атайын декларацияда келишимдин түзүлүшүндө саясий жоопкер эместигин билдирген. СССРдин Түн. Сахалинге болгон суверенитети калыбына келтирилген. Япон милитаристтеринин агрессиячыл аракети ишке ашпай калгандан кийин (к. *Хасан, Халхин-Гол*) бейтараптык ж-дө пакт (13. 4. 1941) түзүлгөн. Бирок япон таран келишимди бузуп, СССРдин чек арасында армиясын карман, фаш. Германияга жардам берген. 1945-ж. 5-апрелде СССР 1941-жылкы пактыны жокко чыгарган. 1945-ж. 8-августта Япония СССРдин антигитлердик коалиция б-ча союздаштарынын кыцк этпестен баш ийиши ж-дөгү талабынан баш тартқандан кийин СССР Японияга согуш жарыялаган. 1945-ж. 2-сентябрда кыцк этпестен баш ийүү ж-дөгү актыга кол койгон. 1945-ж. Крым конф-ясынын чечими б-ча СССРге Түш. Сахалин ж-а Курил а-дары кайтарылган 1956-ж. 19-октябрдагы биргелешкен декларация СССР м-н Японияның ортосундагы согуштук абалды жоюп, дипл., консулдук мамилелерди калыбына келтирген. Экон., ил.-тех., соода байланыштары б-ча келишимдер түзүлгөн (6. 12. 1957; 3. 6. 1958; 21. 1. 1966; 29. 7. 1966; 14. 7. 1967; 14. 1. 1976; 2. 4. 1978 ж. б.). 1973-ж. 10-октябрдагы биргелешкен билдирүүдө тараптар мамиленин ыцгайлуу өнүгүп жатканын белгилешкен.

СОВНАРКОМ, к. *Эл комиссарлар совети.*

СОВНАРХОЗ, к. *Эл чарба совети.*

СОВХОЗ, советтик чарба—айыл чарбадагы механикалаштырылган жог. өндүрүмдүү ири соц. мамл. ишкана. Жер ж. б. өндүрүш каражаттары сыяктуу соц. (жалпы элдик) мамл. менчиктин базасында түзүлөт; чарб. эсеп м-н иштейт да, Мамл. өндүрүш ишкана ж-дөгү жобого ылайык иш жүргүзөт; уставы, оз алдынча балансы, укугу бар; көп С. ар кандай өндүрүштүк бирикмелердин составына кирет; колхоздор м-н бирге коммунизмге өтүү мезгилинде а. ч-дагы өндүргүч күчтөрдүн өнүгүү формасы болуп эсептелет.

Мамл. а. ч. ишканаларын түзүүнүн зарылдыгын В. И. Ленин соц. рев-яны даярдоо мезгилинде эле негиздеген. *Апрель тезистеринде (1917)* соц. рев-я жеңгенде коомдук соц. өндүрушкө үлгү болуучу ири мамл. чарбаларды уюштуруу ж-дө маселе коюлган. С. жер ж-дө Декрет жарыяланган-дан [1917, 27-окт. (9-ноябрь)] кийин түзүлө баштады. Биринчи С.— мамл. жылкы з-ддору, 1918-жылдан ар кандай адистеги кызылчачылык, асыл тукум мал чарбалык ж. б. С. уюшула баштаган. Соц. жерге орноштуруу ж-а соц. дыйканчылыкка өтүү ж-дө жобо (1919) б-ча совхоз курулушунун негизги милдеттери аныкталган. 1922-ж. 4316 С-до 3324 миң *га* жер болгон.

Совхоз курулушу а. ч-ны коллективдештирүүгө даярдоонун маанилүү чараларынын бири катары ишке

ашырылган. С. мамлекеттин азык-түлүк базасын чыңдоо м-н, *дыйкандар* үчүн чарбаны мад-ттуу жүргүзүүнүн үлгүсү болгон. Дыйкандарды коллективдүү ири чарбага баш коштурууга өбөлгө түзгөн.

Кырг-нда алгачкы С. жеке менчик чарбалардын, о. эле мамл. жылкы з-дорунун базаларында түзүлгөн. Мис., 20-жылдары *Пяновский жылкы заводунун* базасында мингич жылкынын Өрүктүдөгү (Ысык-Көл) асыл тукум бөлүмү иштей баштаган. С. 1921—22-ж. жер-суу реформаларынан кийин айрыкча көбөйдү. 1922-жылдын аягында Пишпек, Каракол, Нарын у-дериңде 10 мал чарба С. уюшулган. 1924-ж. Пишпек (Фрунзе) ш-нын түн. жагынын тоо этегинде помещик Иваповдун мурдагы менчик чарбасынын жеринде эт-сүт багытындагы «Аламүдүн» асыл тукум (азыркы Стрельникова атн.) с-зу уюштурулган. Ошол кезде респ-канын шартында асыл тукум мал чарбасын өстүрүү, дыйканчылык мад-ты жагынан «Аламүдүн» с-зу үлгү көрсөтөрлүк чарбалардын бири болгон. Асыл тукум иштерин жакшыртуу ж-а чарбаны чыңдоо максатында 1925-ж. бул чарбага мамлекет 13500 сом, 1926-ж. 40406 сом кредит берген.

1926-жылдын башында ВКП(б) Кыргыз обкомунун бюросу обл. жер бөлүмүнүн «Колхоздордун, совхоздордун жана тажрыйба участкаларынын абалы жөнүндө» отчётун талкуулап, респ-када совхоз курулушунун келечегин аныктаган. Ошол жылдын 22-февралында респ-канын өкмөтүнүн чечими б-ча Өрүктү жылкы фермасынын базасында № 54 Чолпон-Ата жылкы з-ду уюшулган. Кочкор өрөөнүндө 1927-ж. кой өстүрүүчү «Кочкор» совхозу түзүлүп, аның 37 миң *га* жери, 12 миң кою болгон. 1928-ж. Кырг-нда С-дун саны 15ке жетип, көпчүлүгү мал чарба багытында өнүккөн. Кант, була ж-а кендирден жип пйрүү ө. ж-ларынын ата мек. базасын түзүү үчүн тех. өсүмдүктөрдү өстүрүүчү С. да түзүлгөн. Өлкөнүн индустриясынын өнүгүшүнө жараша С-ду а. ч. техникасы м-н жабдуу күч алган. 1927—29-ж. Кырг-ндын С-унда 24 трактор болсо, 1932-ж. 397ге жеткен. С-до жаңы техника м-н жабдылышына, которуштуруп эгүүнүн андан ары өздөштүрүлүшүнө ж-а агротехниканын жакшыртылышына жараша өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгү да жогорулаган. 1937-ж. Кырг-ндын С-у б-ча дан эгиндин дүң жыйымы 38,13 миң *т*, тамеки — 286,2 *т*, жашылча — 3,5 миң *тн* түзгөн. Респ-канын С-унун экономикасы Улуу Ата Мек. согуш алдында айрыкча чыңдалып, 1940-ж. 21 С. 16,1 млн сом накта киреше алган. Бардык С. рентабелдүү болгон. 1942—43-ж. Кырг-ндын С-у согушка чейинки эки жылга караганда дан эгинин 122,2 миң, сүттү — 5,2 миң, этти — 7840, жүндү 1840 *ц*ге көп берген. Респ-канын С-у КПСС БКнын Март (1965), Июль (1978) пленумдарынан кийин бөтөнчө өнүктү. С-дун ж. б. мамл. ишканаларын (бакма канаттуулар ф-касы, жылкы з-ду, окуутажрыйба чарбалары ж. б.) а. ч. өндүрүшүндө салыштырма салмагы артууда. 1976-ж. респ-кадагы 136 С. а. ч-да жыл сайын өндүрүлгөн дандын 30,2, картошканын 48, жашылчанын 48, эттин 43, сүттүн 35, жүндүн 43%-ин берген. Кийинки жылдарда С-ду адистештирүүгө олуттуу көңүл бурулууда. Азыр 57 С. эт-сүт багытында, 45и кой, 10у тамеки, 10у пахта, 10у жашылча өстүрүүгө ж. б-га адистештирилген. Совхоз өндүрүшү жерг., жаратылыш-экон. шартты эске алуу м-н а. ч. продукциясын сатуу пландарынын негизинде адистештирилет. С-дун өндүрүштүк багыты дүң ж-а товар продукцияны өндүрүүдө салыштырма салм. көбүрөөк тармагына карата аныкталат. Ички чарб. ресурстарды натыйжалуу пайдалануу үчүн С. бир нече кошумча тармакты уюштурат. Натыйжада ички чарб. адистештирүү, ички С. тармактык адистештирүү ж-а чарбалар аралык адистештирүү иштери жүргүзүлөт. А. ч-ны интенсивдештирүү а. ч. продукциясын ө. ж-лык негизде өндүрүүгө мүмкүндүк берген терең адистештирүүнү күчтүүгө өбөлгө түзөт. Адистештирилген ири С-до тоют ж-а эмгекти аз жумшап, көбүрөөк продукция алуу үчүн мал чарба комплекстери түзүлүүдө. Мис., Өзгөн р-нундагы «Куршаб», Ысык-Ата р-нундагы чочко өстүрүүчү «Ивановка» ж. б. С.

С-дун өндүрүштүк ж-а уюштуруу структурасы өндүрүштү адистештирүүнүн ж-а интенсивдештирүүнүн деңгээлине, жер аянтына ж-а дүң продукцияга карата болот. С-до өндүрүштүн негизги өндүрүштүк бирдиги — бригадалар, фермалар. Алардын ичи ички чарб. эсеп м-н жүргүзүлөт. Кырг-нда бардык С. азыр толук чарб. эсепке өткөн. С-до эмгек акы айлык акы формасында төлөнөт. Уюштуруучулук-экон. шартына карата аккорддуу-сыйлоо, ишин баалап сыйлоо ж-а мөөнөтүнө жараша сыйлоо системасы да колдонулат.

Кырг-ндын эмгекчилеринин жардамы м-н Россиянын Ярослав обл-нда 10-беш жылдыкта «Кыргызстан» с-зу уюштурулду. СССРде 1978-ж. 20,5 миң С. болгон.

Ад.: Брежнев Л. И., Вопросы аграрной политики КПСС и освоения целинных земель Казахстана, 2 изд., М., 1974; Сельское хозяйство СССР на современном этапе. Достижения и перспективы, М., 1972; Кыргызстандын эл чарбасынын өнүгүшү, Фр., 1966; Турсунов С. Т., Кыргыз ССРинин кой чарбасынын кайрадан түзүлүшү, Фр., 1975; Өмуралиев М., Өнүгүү жолунда, Фр., 1972.

СОВХОЗДУН УСТАВ ФОНДУСУ — чарбанын негизги ж-а айланма каражат булагы. Кеңири кайталанма өндүрүш процессин ишке ашыруу үчүн совхозго бөлүнүп берилген каражаттан түзүлөт. С. у. ф-нун өлчөмү анын уставында көрсөтүлөт да, өндүрүш ишинин жүрүшүндө көбөйүп, азайып турушу мүмкүн. С. у. ф-нун негизги каражат болугу (имарат, машина, жабдуу, мал ж. б.) мамл. атайын каражаттан, кредиттен, чарбалар аралык уюмдардын ж-а ишканалар бөлгөн үлүштөн түзүлүп, мамл. менчик болуп саналат. С. у. ф-нун экинчи бөлүгү — айланма каражат (жаш жүн бордон семиртилүүчү мал, үрөн, азык тетик, нефть продуктусу, минерал жер семирткич, арзан буюм ж. б.) чарбада ишке жүргүзүү үчүн өндүрүш-финансы планындагы өлчөмдө топтолот, андан ашкан бөлүгү бухгалтериядагы отчёттун негизинде совхоздун жог. уюму аркылуу алынып, чарбалар арасында бөлүштүрүлөт.

СОГД, Сугуд, Согдиана — Зеравшан ж-а Кашка-Дарыя д-ларынын алаптарындагы аймак (азыркы Өзбек ж-а Тажик ССРлеринин аймактарында). С-дун аймагында Мараканда (Самаркан), Кирополь ж. б. шаарлар болгон. Б. з. ч. 6—4-к-да Ахеменилер мамлекетине кирген. Парфия, Хорезм ж-а Ария м-н бирге 11-сатрапиянын (крайга) кошулган. С-улуктар пер падышасына ири аскер күчтөрүн берип, күмүштөн ж-а кымбат баалуу таштардан салык төлөп турган. Б. з. ч. 329—328-ж. башында *Спитамен* турган С. калкы А. Македонскийге каршылык көрсөткөн. А. Македонский өлгөндөн кийин б. з. ч. 323-ж. *селевкилердин* карамагына, б. з. ч. 3-к-да Грек-Бактрия падышалыгына, ал эми б. з. 1-к-нда Кушан падышалыгына кирген. 4—5-к-дын аягында *эфталиттер*, 6—7-к-да *түрк каганаттары*, 7-к-дын аягы — 8-к-дын башында *арабдар* каратқан. С. Чыгыштын экон. ж-а маданий турмушунда көрүнүктүү роль ойногон. С. көпөстөрү жибек сатышкан. С-дун соода-дыйканчылык колониялары Монголия м-н Кытайдан Мервге чейинки негизги кербен жолдорунда жайгашкан. 5—8-к-да С-унун шаарлары дүркүрөп өскөн. Арх-ялык изилдөөлөр анда жог. деңгээлдеги мад-т ж-а пск-во болгонун көрсөтөт (Афрасиаб, Пенжикент, Варахш, Калай-Муг ж. б.).

Ад.: История Таджикского народа, т. 1—2 (кн. 1), М., 1963—64; История Узбекской ССР, т. 1 (кн. 1), Таш., 1955; История Самарканда, т. 1, Таш., 1969.

СОГД ТИЛИ — *согдулуктардын* тили. Инди-иран тил тобунун чыгыш иран топчосуна кирет. О. Азиянын ар кай жеринен табылган б. з. ч. 1-к-дын аягы — б. з. 9-к-ндагы жазма даректерден белгилүү. С. т-нде байыркы иран тилдериндеги флексия бузулуп, грамат. маанилер синтет. форма м-н эмес, аналит. форма м-н туюнтула баштаган. Фонетикасында жарылма жоон үнсүздөрдүн кабаттала келүү (спирантташуу) кубулушу байкалат. С. т-нен кийин ягноб тили чыккан.

Ад.: Согдийский сборник. Сб. статей о памятниках согдийского языка и культуры, найденных на горе Муг в Таджикской ССР, Л., 1934.


СОГДУЛУКТАР, согдылар — О. Азия м-н Каз-ндын байыркы чыгыш иран эли; б. з. ч. 1-миң жылдыктын орто ченинде *Согдуну* мекендеген. Согдун негизин көчмөн, отурукташкан сак уруулары түзгөн. С.— азыркы тажик ж-а өзбектердин ата-бабалары.

СОГМЕНТ — Ош обл-ныи Баткен р-нундагы Кыштут айыл советине карашуу кыштак. «Биринчи Май» совхозунун аймагында. Сох суусунун сол жээгинде жайгашкан. Райондун борбору Баткенден 45 *км* түш.-чыгыш тарапта. Исфара т. ж. станциясынан (Тажик ССРи) 65 *км*. Калкы 1006 (1979). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт, үй-тиричилик комбинатынын бөлүмү бар.

СОГОН (Allium coeruleum Pall) — өсүмдүктөрдүн лилия гүлдүүлөр тукумундагы түрү. Көп жылдык чөп. Бийикт. 25—90 *см*. Пияз түбү жумуртка сымал. Жалбырагы үч кырдуу, ичке, узун, чатырча топ гүлү көгүш. Мөмөсү — кутуча. Кырг-ндын тоо шалбааларында ж. б. жерлерде өсөт. Кыргыздар С-ду татымал катары колдонгон.

СОГУМ—кыштык азык үчүн кеч күздө соолуучу семиртилген мал(уй, жылкы ж-а кой) ж-а алардын эти. С. союу көчмөн турмушка, мал чарбачылыкка ж-а азык-түлүктү сарамжалдуу, үнөмдүү керектөөго байланыштуу пайда болгон. Союуга чарбадар, малдуу адамдардын гана мүмкүнчүлүгү келип, колунда жок жардылар С. союшкан эмес.

СОГУУ ТОЛКУНУ — тыгыздыгы, басымы ж-а ылдамдыгы өтө тез көбөйүп, чөйрөдө (газ, суюктук же катуу перседе) үн ылдамдыгынан тез тараган ар кандай ажырымдуу (ажырымсыз) үзгүлтүксүз өзгөрүүлөр. С. т. ар кандай чөйрөдө ар кандай ылдамдыкта таралат. Ал чөйрөнүн кысылгыч-тыгыздык касиеттерине жараша ар кандай болот. Мис., газдарда С. т. ылдамдыгы газдын басымына түз пропорционалдуу, ал эми чөйрөнүн кысылган бөлүгүн кысылбаган (дүүлүкпөгөн) бөлүгүнөн бөлгөн кыймылдуу өтмө чек С. т-нун фронту (бети) деп аталат. С. т-нун аракети практикада эске алынат. Бул толкундун пайда болушун ж-а таралышын түшүндүрүүчү классикалык мисал катары түтүктүн ичиндеги газдын (абанын) поршень м-н кысылышын карооно болот. Эгер поршенди үн ылдамдыгына чейинки ылдамдык (v) м-н жылдырып, газды кысса, анда кысылган газ аркылуу үн ылдамдыгына барабар ылдамдык (a) м-н акустикалык кысылуу толкуну тарайт. Поршендин ылдамдыгы $v>a$ болсо, анда С. т. пайда болот.



Газдын тыгыздыгынын (Р) таралышы м-н согуу толкунунун (Ф) таралуу багытын көрсөтүүчү поршендин (П) кыймыл схемасы.

Ад.: Ландау Л. Д., Лифшиц Е. М., Механика сплошных сред, 2 изд., М., 1953; Зельдович Я. Б., Райзер Ю. П., Физика ударных волн и высокотемпературных гидродинамических явлений, М., 1963.

СОГУШ—мамлекеттердин же таптардын ортосунда белгилүү бир саясий же экон. максатка жетүү үчүн болгон күралдуу күрөш; таптар м-н мамлекеттердин саясатынын зомбулук «кургалдары» м-н улантылышы. Марксизм-ленинизм С-ту таптык коомдун экон. формациясына гана тиешелүү коомдук-саясий көрүнүш деп эсептейт. Ал алгачкы коомдук түзүлүштүн ыдырашы, жеке менчиктин ж-а таптардын келип чыгышы м-н пайда болгон. Таптык коомдун өөрчүшү м-н С-тун масштабы да кеңип, импер. доордо дүйн. С-ка чейин өсүп жетет. С-тун социалдык маңызы, таптык мазмуну өзү жактаган саясаттын мазмуну м-н аныкталат. С-тун маркстик-лениндик теориясы ар кандай С-ка аныи саясий мазмунуна жараша мүнөздөмө берет. Ар кандай С. белгилүү даражада адамзат коомунун өнүгүшүнө таасир этет. С-тун тарыхый мааниси аныи коомдук турмуштагы прогрессчил же реакциячыл ролун айкындаган саясий мазмуну м-н аныкталат. Ушундан улам С. адилеттүү же адилетсиз болушу мүмкүн. В. И. Ленин тарыхый тажрыйбаны иликтеп ж-а жыйынтыктап келип, С-тарга ил. классификация берген. Социалдык ж-а улуттук эзүүгө каршы, улуттук көз карандысыздыкты сактоо үчүн, о. эле импер. агрессияга каршы соц. мамлекеттердин коргонуу С-у — адилеттүү ж-а прогрессчил, ал эми башкаруучу ж-а элдерди каратуучу ка өлкөнү ж-а элдерди максат кылган С. адилетсиз, реакцияч С. деп эсептелет. Бардык адилет С-тар тарыхта прогрессчил роль ойногон. Бирок прогрессчил натыйжа берген С-тардын бардыгы эле адилет түү болгон эмес. Белгилүү доордун же аныи ар кыл мезгилдеринин социалдык карама-каршылыктарына жараша С-тун типтерин аныктоого болот. Бирок С-тун типин классификациялоо өтө кыйын. Кул ээлик коомдон баштап ар бир коомдо ар кыл типтеги С-тар болуп келген. Азыркы шартта С-тун булагы жалгыз империализм болуп эсептелет. Азыркы доордогу С-тун негизги типтери: карама-каршы коомдук системадагы мамлекеттер ортосундагы С., гражд. С., улуттук-бошт. С.

Экинчи дүйн. С. (1939—45) азыркы мезгилдеги С-тардын ичинен өзгөчө орун ээлейт. С-тан кийин капит. өлкөлөрдө экон. интеграция жүрүп, социализмге каршы реакциячыл күчтөрдү бириктирип жатат. Капит. өлкөлөр ортосунда карама-каршылык белгилүү бир шартта С-тун булагына айланышы ыктымал. АКШнын агрессиячыл импер. чойресу эл аралык маселени чечүүдө С-ту өзүнүн саясий максатына жетүүнүн негизги каражаты деп эсептейт. Ушуга ылайык АКШнын согуштук доктринасынын негизин СССР ж-а соц. башка өлкөлөргө каршы согуш жүргүзүү идеясы түзөт. Азыркы согуш масштабы б-ча дүйн. же локалдык, каражаты б-ча жалпы же чектелген болот. Азыркы учурда империализм идеологдорунун көпчүлүгү С-тун социалдык-саясий маңызын бурмалап, ал адамдын ж-а адамзат коомунун табиятына негизделген түбөлүк көрүнүш дешет. Илгертен эле алдыңкы коомдук ой-пикирдеги адамдар С-ту болтурбай көюунун жолдорун изден келген. Бирок марксизм гана кас коомдук мамилелерди жоюу м-н С-тан кутулууга болорун аныктады. Улуу Окт. соц. рев-ясы коомдун С-суз өнүгүшүнө шарт түздү. Бирок империализм жашап турган шартта агрессиячыл С. коркунучу сакталат. Отондуктан дүйнө элдери дүйн. жаңы С-ту болтурбоо үчүн күрөшүүдө. Азыр тынчтык үчүн күрөшкө соц. өлкөлөр, эл аралык жумушчу табы, улуттук көз карандысыздыкка жетишкен же ал үчүн күрөшүп жаткан көпчүлүк өлкөлөрдүн элдери, бир катар бейтараптык өлкөлөр, тынчтыкчыл жүз миллиондогон адамдар катышууда.

Ад.: Ленин В. И., Согуш жана революция, Чыг., кырг. 1-бас., 24-т., 438—66-б.; Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Программасы, Фр., 1972; Марксизм-ленинизм о войне и армии, М., 1968; История Великой Отечественной войны Советского Союза, 1941—1945, т. 1—9, 1963—78; Ядерный век и война, М., 1964.

СОГУШ БЛОГУ — согуштук-саясий союз же мамлекеттер ортосунда жалпы саясий, экон., согуштук маселелерди биргелешип чечүү үчүн түзүлгөн келишим. С. б. эзелтен эле түзүлүп келген. С. б-нун тарыхта өтө белгилүүлөрү: биринчи дүйн. согушка (1914—18) чейинки «Үчтүк союзу» (1882, Германия, Австрия-Венгрия ж-а Италия) ж-а ага каршы түзүлгөн *Антанта* союзу (1907, Улуу Британия, Франция ж-а Россия); экинчи дүйн. согуш (1939—45) алдында фаш. Германия м-н Япония ортосунда түзүлгөн (1937-ж. буга Италия, кийинчерээк Венгрия, Испания ж. б. кирген), «Антикоминтерндик пакт» (1936); 1942-ж. январда Улуу Британия, АКШ, СССР, Франция ж. б. өлкөлөрдүн (бардыгы 26) антигитлердик коа-

лициясы. Согуштан кийин АКШ баш болгон импер. мамлекеттер соц. өлкөлөрго каршы бир катар С. б-н түзүшкөн. Мис., *Түндүк атлантикалык келишим уюму* (НАТО) ж. б.

Европадагы социалисттик мамлекеттер коргонуу ж-а импер. реакциячыл күчтөргө каршы туруу максатында *Варшава договоруна (1955)* кол коюшкан.

СОГУШ ДОКТРИНАСЫ — аскердик түзүлүш багытын белгилөө, өлкөнү ж-а куралдуу күчтөрдү согушка даярдоо, согуш жүргүзүү ыкмалары; формалары б-ча офиц. көз караштар ж-а жоболор системасы. С. д-н мамлекеттин саясий жетекчилери иштеп чыгат ж-а аныктайт. С. д-нын негизги жоболору саясатка, коомдук түзүлүшкө, өндүрүчү күчтөрдүн деңгээлине, ил. жаңы жетишкендиктерге, күтүлгөн согуштун мүнөзүнө жараша түзүлөт ж-а өзгөрөт.

Жаңы совет мамлекетинин С. д. В. И. Ленindин жетекчилиги м-н иштелип чыгып, ага М. В. Фрунзе чоң салым кошкон. Азыркы сов. С. д. СССРдин тынчтык саясатына негизделген. Ал КПСС БКнын, Совет өкмөтүнүн көрсөтмөлөрүнүн, о. эле *согуш илиминин* негизинде иштелип чыгып, СССРдин ж-а соц. кызматташтыктагы башка өлкөлөрдүн саясий ж-а экон. кубатына таянат. Сов. С. д. Куралдуу Күчтөрдүн структурасын, техника м-н жабдылышын, согуш илими м-н өнөрүнүн өнүгүү багытын, жоокерлерди үйрөтүү, саясий жактан тарбиялоо милдеттерин ж-а методдорун аныктайт, тынчтыкты сактоого, импер. агрессорлорду ооздуктоого кызмат кылат. АКШнын С. д-нын негизи агрессиячыл мүнөздө болуп, дүйн. үстөмдүккө жетүү максатын көздөйт. Ал бүткүл капит. дүйнөнү биriктирүүгө, алардын куралдуу күчтөрүн соц. өлкөлөргө, эркиндик ж-а улуттук көз карандысыздыгы үчүн күрөшүп жаткан элдерге каршы пайдаланууга аракеттенет. Экинчи дүйн. согуштан (1939—45) кийин Англияда ж-а АКШда «ядролук коркутуу» м-н Сов. Союзуна ж-а соц. башка өлкөлөрго ядролук кол салууну даярдоо доктринасы кабыл алынган.

СОГУШ ЗАКОНДОРУ ЖАНА САЛТТАРЫ — эл аралык укукта мамлекеттердин көп жактуу макулдашуусуу м-н белгиленген согушуу эрежелери. Алар согуштун өтө катаал ыкмаларын колдонбоого, согуш убагында калкты коргоого багытталат. О. эле согушун жаткан ж-а алар м-н бейтарап мамлекеттердин карым-катышын жөнгө салат. С. з. ж. с. б-ча маанилүү макулдашуулар: 1899- ж-а 1907-жылкы Гаага конвенциясы м-н декларациясы хим., бактериол. куралды колдонууга тыюу салган. 1925-жылкы Женева токтому, согуштан азап тарткандарды коргоо ж-дөгү 1949-жылкы Женева конвенциясы, маданий байлыктарды коргоо ж-дөгү 1954-жылкы Гаага конвенциясы. С. з. ж. с-нын бардыгы эл аралык макулдашууларда, актыларда кодификацияланган эмес. Алардын көэ бири эскирип, согуш техникасынын азыркы деңгээлине ылайык келбейт. Бирок кандай гана согуш болбосун согушуп жаткандар ж-а граждандар корголот, жалпы кабыл алынган эл аралык салт бек тутулат. Эл аралык укуктун маанилүү башталмаларынын бири — адамды массалык кыргынга учуратуучу куралды колдонууга жол бербөө. Бул жоболор 1868-жылкы Санкт-Петербург, 1874-жылкы Брюссель конф-яларында, 1899- ж-а 1907-жылкы Гаага конвенциясы м-н декларациясында, 1925-жылкы Женева токтомунда, ООНдун согушта ядролук куралды колдонууга тыюу салуу ж-дөгү 1961-ж. 24-ноябрда кабыл алган Декларациясында көрсөтүлгөн. Космос мейкиндигин согуш максатында колдонбоо маселелери б-ча атайын макулдашуулар болбогону м-н, азыркы эл аралык укук космос мейкиндигине ядролук куралды сыноого (мис., 1967-жылкы Космос ж-дө келишим), ядролук ж. б. массалык кыргынга учуратуучу куралды жайгаштырууга (мис., ООНдун 1963-ж. 17-октябрдагы Космоско ядролук курал объектилерин чыгарбоо ж-дөгү декларациясы) тыюу салат. Импер. мамлекеттердин агрессиячыл согуштарында С. з. ж. с-нын одоно бузулгандыгы көрүнөт (мис., Экинчи дүйн. согушта гитлердик Германия). СССР ж. б. соц. мамлекеттер С. з. ж. с-нын ырааттуу ж-а кыйшаюусуз аткарылуусун колдойт.

Ад.: Романкин П. С., Военные преступления империализма, М., 1953; Полторак А. И., Савинский Л. И., Преступная война, М., 1968.

СОГУШ ИЛИМИ — мамлекеттердин, коалициялаш мамлекеттердин жетишкендиктерин согушка даярдоо ж-а жүргүзүү ж-дөгү илимдеринин системасы. Сов. С. и. күтүлүүчү согуштардын мүнөзүн, согуш закондорун ж-а ыкмаларын изилдейт. Ал Куралдуу Күчтөрдү түзүү, аскердик даярдык иштеринин теориялык негиздерин ж-а практикалык сунуштарды иштеп чыгат, согуш өнөрүнүн принциптерин, Куралдуу Күчтөрдүн согуш жүргүзүшү м-н аскерди ар тараптан камсыз кылуунун кыйла натыйжалуу формаларын ж-а ыкмаларын аныктайт. С. и. куралдуу күрөштүн колдо болгон каражаттарын өркүндөтүү ж-а алардын жаңыларын түзүү жолдорун айкындайт. Согуш өнөрүнүн теориясы, Куралдуу Күчтөрдү куроо, андагы парт.-саясий иштер, согуш экономикасынын теориясы, согуш географиясы, согуш тарыхы, согуштук тех. илимдер — азыркы С. и-нин составдуу бөлүгү. С. и. узак тарыхый мезгилде калыптанып өнүккөн. Анын элементтери күл эллик Египет, Кытай, Персия, Греция, Римде пайда болгон. Бурж. С. и. 18—19-к-дын башында калыптанган. 19-к-дын 2-жарымында диалек.-матер. көз караштагы С. и-не негиз салына баштаган. Бурж. С. и-нин өнүгүшүнө бүринчи дүйн. согуш (1914—18) чоң таасир эткен. Улуу Окт. соц. революциясынан кийин сов. С. и. түзүлө баштаган. В. И. Ленин жаңы типтеги армия ж-а соц. Ата Мекенди коргоо жөнүндө бүтүндөй бир илим түзүп, Советтик Куралдуу Күчтөрдү куроонун принциптерин коркоткон. Сов. С. и-нин өнүгүшүнө Совет мамлекетинин көрүнүктүү ишмерлери (М. В. Фрунзе, М. Н. Тухачевский ж. б.) чоң салым кошкон. Жүрө-жүрө сов. аскердыкы аскердик-теория мектеби түзүлгөн. Улуу Ата Мек. согуш (1941-45) согуш аракеттеринин мүнөзү жана ыктары ж-дө сов. С. и. иштеп чыккан көз караштар негизинен туура экенин көрсөткөн. Согуштан кийинки сов. С. и-нин өнүгүшүнө экинчи дүйн. согуштун тажрыйбасын жалпылоого таянын, согуш өнөрүнүн теориясын жандан ары өөрчүтүү багытында жүрүп.

Импер. мамлекеттердин агрессиячыл саясаты сов. С. и-нен андан ары такшалууну талап кылат.

Өнүккөн өлкөлөрдө да С. и-нин өөрчүшү 20-к-дын 50-жылдарында ядролуу куралдарынын чыгарылышына байланыштуу пайда болгон проблемаларды изилдөө м-н мүнөздөлөт.

СОГУШКА КАРШЫ ЭЛ АРАЛЫК КОНГРЕСС 1932-ж. 27—31-августта Германияда фаш. диктатура орногондон жарым жыл мурун Амстердамда (Нидерланд) өткөн. Дүйн. илим, адеп-ж-а иск-во ишмерлеринин (М. Горький, А. Барбюс, А. Эйнштейн ж. б.) демилгеси м-н чакырылган. Ага дүйнөнүн 29 өлкөсүнөн 2195 делегат катышкан. Голландия өкмөтү сов. делегацияны Амстердамга киирүүгө баш тарткан. Конгресс «СССРди коргоого бардык күчтү жумшайлы» деген ураан астында өтүп, импер. согуш коркунучу ж-дөгү ж-а ага каршы улуттук да, интернац. да масштабда күрөшүү маселесин талкуулаган. Ал был алган манифестинде согуш коркунучуна каршы эмгекчилердин күрөсөтүүлөрүн уюштуруу зарылдыгын белгилеген. Конгресс Японияны Кытайдагы агрессиясын айыптап, СССРдин тынчтыкчыл тышкы саясатын жактырган. Согушка каршы кампанияларды координациялоо үчүн Согушка каршы эл аралык туруктуу комитет ж-а Эл аралык бюро шайланган.

«СОГУШ КОММУНИЗМИ» — Совет мамлекетинин Гражд. согуш ж-а чет элдик интервенция жылдарындагы (1918—20) экон. саясаты. Гражд. согуш ж-а интервенция Совет өлкөсүнө өтө оор абалга дуушар кылган. Өлкөнү душман курчап, сырьё м-н азыктүлүк булагынан ажыраткан. Совет өлкөсүнүн кыйын абалы элдин бардык күчүн ж-а мамлекет ресурстарын коргонуу ишине жумшоону талап кылган. Фронтто ж-а оорукта жүктөчү ж-а уюштуруучу күч Компартия болгон. «Ким иштебесе, ал тамактебейт» деген принцип б-ча жалпы эмгек милдеттүүлүгү киргизилген. Чарбанын бүлүнгөндүгүнөн ж-а материал ресурсунун аздыгынан улам атайын чараларсыз фронтту жабдуу мүмкүн эмес эле. Мамлекет артык а. ч. продуктуларын алып, жекече соодага тыюу салууга мажбур болгон. Өндүрүшкө ж-а болуштүрүүгө бирдиктүү (борборлоштурулган) жетекчилик кылынган.

«С. к-не» мүнөздүү көрүнүш—азык-түлүк чачымы. Азык-түлүк чачымын ишке ашыруу үчүн айыл-кыштактарга жумушчулардан түзүлгөн *азык-түлүк отряддары* жиберилген. «С. к.» товар жүгүртүүнүн азайышы, акчанын, кредиттин ж-а финансынын маанисин төмөндөшү, о. эле чарбанын натуралай жүргүзүлүшү м-н мүнөздөлгөн. «С. к.» саясатынын негизги максаты интервенттерди ж-а ички контррев-ячыл күчтөрдү жеңип чыгуу, пролетариат диктатурасын чыңдоо, коомдун башкы өндүрүчү күчү—жумушчуну, эмгекчини сактап калуу эле. Меньшевиктер, эсерлер, А. Каутский ж. б. «С. к.» саясатына каршы чыгышкан. «С. к.» пролетариат диктатурасынын табиятынан чыкпастан согуш ж-а бүлүнчүлүктөн аргасыз киргизилген убактылуу гана көрүнүш болгон. Согуш интервенциясы жоюлуп, Гражд. согуш аяктаган соң Компартия 10-съездинин чечими б-ча «С. к-не» *жаңы экономика саясатына* өткөн.

СОГУШ КЫЛМЫШКЕРЛЕРИ—тынчтыкка, согуш закондору м-н салттарына, адамгерчиликке, Гаага (1907), Женева (1929) конвенциялары белгиленген эл аралык укук нормаларына каршы чыккандар. Экинчи дүйн. согушта (1939—45) эл аралык укук нормалары м-н эсептешпеген С. к-н уголовный жоокерчиликке тартууда ошол нормалар жетекчиликке алынып, немецтик, япондук С. к-н жоопко тартуу б-ча эл аралык аскер трибуналы түзүлгөн. Аскер трибуналынын Нюрнберг Уставынын 6-статьясына (1945) ж-а Токио Уставынын 5-статьясына (1946) ылайык С. к. деп баскынчылык согушту пландагандар, даярдагандар, баштагандар, басып алган жердеги граждандарды өлтүргөндөр, кыйнагандар, кулдукка алып кеткендер, согуш туткундарын өлтүргөндөр, кыйнагандар, барымтага кармалгандарды өлтүргөндөр, коомдук же өздүк мүлктү тоногондор, шаарларды, кыштактарды бей максат кыйраткандар ж. б. эсептелет.

Ад.: Полторак А. И., Нюрнбергский эпилог, М., 1965; Нюрнбергский процесс. Сб. материалов, 3 изд., М., 1955; Рабинский М., Розенблит С., Международный процесс главных японских военных преступников в Токио, М., 1950.

«СОГУШ ОППОЗИЦИЯСЫ»—*РКП(б)-нин 8-съездинде (1919)* БКнын согуштук түзүлүш саясатына каршы чыккан делегаттар тобу. Съездде согуш маселеси б-ча регулярдуу, борборлошкон, бекем тартиптеги Кызыл Армияны түзүү принциптери ж-а методдору негизделген. Талаш-тартыштар ж-а пикир келишпестиктер: 1) согуш адистери, 2) командалык составдын шайланышы, 3) армиядагы коммунисттик ячейкалардын укуктары ж-а коммунисттерди уюштуруу формасы ж-дөгү маселелер б-ча чыккан. БКнын докладында партияга Кызыл Армиянын командалык составын дайындоо укугун берүү зарылдыгы белгиленип, коммунисттик ячейкалар армияны башкаруу ишине киришпей, комиссарларга жардам берип, партиянын саясатын кыйшаюусуз ишке ашырары көрсөтүлгөн. «С. о-нан» В. М. Смирнов доклад жасаган. Ал бурж. согуш адистерине командалык жоонтуу кызматтарды ишенип берүүгө каршы чыгып, Кызыл Армиянын уставында белгиленген кызыл аскерлердин аскер башчыларына салам беришин «крепостнойлук-жеке бийлик тартиптин калдыктары» катары эсептеген.

Согуш маселеси б-ча талкууга 64 делегат жазылган. «С. о-нда» биримдик болбосо да аның айрым өкүлдөрү бир катар маселелер б-ча РКП(б) БКнын багытын жактаган. 21-мартта согуш маселесин талкуулоо съездин жабык заседаниесинде улантылып, рев-ячыл согуш советинин мүчөсү С. И. Аралов өлкөнү согуштук абалы ж-дө доклад жасаган. Талкууда «С. о-нан» К. Е. Ворошилов, Г. И. Сафаров, В. М. Смирнов, Ф. И. Голощёкин ж. б., «С. о-на» каршы В. И. Ленин, А. И. Окулов, И. В. Сталин ж-а Г. Л. Сокольниковдор сөз сүйлөшкөн. В. И. Ленин өз сөзүндө «С. о-ным» тезистеринин өтө коркунучтуулугун ж-а аның согуштук ведомстволордун ишине БК жетекчилик кылбайт деген жалаасы негизсиз экенин, согуш адистеринин билимин ж-а тажрыйбасын пайдалануу зарылдыгын корготкон. В. И. Ленин бекем ж-а аң-сезимдүү тартипти киргизүүгө, аскердик уставга өзгөчө маани берген. Аскердик тартипти чыңдоо комиссарлардын, саясий кызматкерлердин ж-а парт. уюмдардын негизги милдети экенин белгилеген. Съезд согуш маселеси б-ча «С. о-ным» багытын сынга алып, ленindик саясатты толук кубаттап, бир добуштан чечим кабыл алган.

Ад.: Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 29-т.; Восьмой съезд РКП(б). Протоколы, 1959; Советтер Союзунун коммунисттик партиясынын тарыхы, Фр., 1971.

СОГУШ ӨНӨР ЖАЙ КОМИТЕТТЕРИ Россияда — биринчи дүйн. согуш (1914—18) мезгилинде согуш заказдарынан ири пайда табуу ж-а өз. ж-ды мобилизациялоо максатында түзүлгөн бурж. уюмдар. Бул комитетти түзүү ж-дөгү чечим соода ж-а өнөр жай өкүлдөрүнүн Бүткүл россиялык 9-съездинде (1915, май) кабыл алынган. Буржуазия С. ө. ж. к-н падыша өкмөтүнөн саясий жеңилдиктерди алуу үчүн да пайдалануучу аракеттенген. 1916-ж. обл. ж-а жерг. С. ө. ж. к-нин саны 239га жеткен. 1915-ж. июлда С. ө. ж. к-нин 1-съездинде Борб. комитети шайланып, С. ө. ж. к-нде меньшевиктерди колдогон жумушчу топтор да түзүлгөн. Большевиктер жумушчулардын комитеттерге катышуусуна каршы чыккан. Октябрь-ясы жеңгенден кийин С. ө. ж. к. 1918-ж. 31-мартта Элдик ө. ж. комитеттери болуп түзүлүп, 1918-ж. 24-июлда Совет өкмөтү С. ө. ж. к-н жоюу ж-дө чечим кабыл алган.

Ад.: История КПСС, т. 2, М., 1966; Первая мировая война 1914—1918. Сб. ст., М., 1968.

СОГУШ ӨНӨРУ — кургакта, деңизде ж-а абада согуш аракеттерин даярдоо ж-а жүргүзүү теориясы м-н практикасы; согуш илимининн маанилүү тармагы. Сов. С. ө-нүн составдык бөлүгү болуп согуштук стратегия (согуштун максаты ж-а милдети), күжүрмөн оперативдүү иск-во (операция даярдоо, жүргүзүү) ж-а тактика (бөлүктөрдүн, бириккмелердин согуш жүргүзүү маселелери) эсептелет. С. ө. өндүрүштүн, экономиканын ж-а коомдук түзүлүштүн мүнөзүнө, о. эле өлкөнүн тарыхый өнүгүшү, улуттук өзгөчөлүгү ж-а салты, геогр. шарты ж. б. факторлорго жараша өнүгөт. С. ө. кул ээлик коомдо Байыркы Македонияда б. з. ч. 4-к-да Александр Македонскийдин, б. з. ч. 1-к-да Байыркы Римде Юлий Цезардын тушунда гүлдөп, ал б-ча Энейдин «Тактика», Ю. Цезардын «Галл согушу жөнүндөгү кол жазмалар», «Граждандык согуш жөнүндөгү кол жазмалар», Вегецийдин «Согуш ишинин негизинин кыскача баяндамасы» өндүү эмгектери жазылган. Феодализмдин алгачкы мезгилинде С. ө. өтө жай өнүккөн. 17-к-дын ортосунда жарылгыч дарынын ойлоп чыгарылышы м-н согуш ишинде чоң төңкөрүш болгон. 18-к.—19-к-дын башындагы С. ө-нүн өнүгүшүндө Пётр Iнин, орус аскер башчылары Ф. Ф. Ушаков, П. А. Румянцев, А. В. Суворов, М. И. Кутузов, франц. аскер башчы Наполеон Iнин ролу зор. 19-к-дын ортосунда согуш ж-а армия ж-дө ил.-матер. өкуу пайда болгон. К. Маркс м-н Ф. Энгельс коомдун өнүгүш закондорун ачып, согуштун чыгышынын себептерин, социалдык маңызын, андагы эл массасынын, аскер башчыларынын ролун көрсөткөн. 19—20-к-дын чегинде капитализм өзүнүн жог. стадиясы — империализмге өтүшү м-н согуш ишин өзгөргөн. Орус-япон (1904—05), өзгөчө биринчи дүйн. (1914—18) согуштар мезгилинде авиация, танк, хим. куралдар м-н жабдылган миллиондогон аскердүү армиялар пайда болуп, С. ө. бир кыйла өнүккөн. Сов. С. ө-не Гражд. согуш ж-а чет өлкөлүк интервенция (1918—20) жылдары биринчи дүйн. согуштун тажрыйбасы, Кызыл Армиянын күжүрмөн аракеттерин жыйынтыктоонун натыйжасында негиз салына баштаган. Аның теориялык негизин—марксизм-ленинизмдин согуш ж-а армия ж-дөгү окуусу, саясий негизин — КПССтин саясаты,

экон. ж-а материалдык-тех. негизин чарбанын соц. системасы түзот. В. И. Ленин өзүнүн эмгектеринде империализм доорундагы согуштун өзгочөлүктөрүн көрсөтүп, куралдуу көтөрүлүш ж-дегу маркстик теорияны өнүктүрүп, соц. Ата Мекенди коргоо жолдорун иштеп чыккан. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде совет элинин патриотизми, сов. жоокерлердин баатырдыгы, сов. аскер башчылардын чебердиги Сов. С. өнүп өнүгүшүнө чоң өбөлгө түзгөн. Совет эли ж-а анын Куралдуу Күчтөрү империализмдин агрессиячыл аракеттерине чечкиндүү сокку урууга даярдыкты күчөтүүдө. Экинчи дүйн. согуштан (1939—45) кийин импер. мамлекеттерде С. ө. көбүнчө ядролук согуш жүргүзүү багытында өнүгүүдө.

Ад.: Свечин А. А., Эволюция военного искусства, т. 1—2, М.—Л., 1927—28; его же, Стратегия, М., 1926; Строков А. А., История военного искусства, т. 1—3, М., 1955—67.

СОГУШ ТЕАТРЫ — согуш аракеттери жүрүп жаткан же жүргүзүлүшү мүмкүн болгон кургак жер, деңиз ж-а аба мейкиндиги. С. т-на куралдуу кагылыштар болуп жаткан майдандан тышкары согушун жаткан мамлекеттердин ооругу (тылы) да кирет, анткени азыр согуштун жыйынтыгы куралдуу күчтөр м-н гана эмес, ага катышкан өлкөлөрдүн бүткүл калкы, ооруктун бекемдиги ж. б. м-н аныкталат. Эки дүйн. согуштун (1914—18; 1939—45) тажрыйбасы б-ча С. т-н дардоо мамлекеттердин коалициясын түзүүдөн, алардын куралдуу күчтөрүн ж-а командованиелерин бириктирүүдөн, майданды ж-а экон. мүмкүнчүлүктөрдү чыңдоодон турат.

СОГУШТУК АБАЛ—оор кырдаалдарда (согуш, стихиялык кырсык, капит. өлкөлөрдө эл массасынын рев-ячыл чыгуулары ж. б.) адатта мамл. бийликтин жог. органдарынын чечими м-н өлкөдө же анын айрым бөлүгүндө белгиленүүчү кырдаал. Биздин өлкөдө С. а-ды СССР Жог. Советинин Президиуму жарыялайт. С. а. мезгилинде коргонуу, коомдук тартипти ж-а мамл. коопсуздукту камсыз кылуу б-ча мамл. бийлик органдарынын бардык милдети аскер органдарына, аскер советтерине ж-а командованиеге өтөт. Улуу Ата Мек. согуш (1941—45) убагында С. а. 1941-жылдын июнунан Москва, Ленинград, СССРдин Европа бөлүгүндөгү көпчүлүк облаСть, край ж-а респ-каларда жарыяланып, согуш аяктаганча жокголган эмес. Капит. мамлекеттерде С. а. согуш мезгилинде гана эмес, тынчтык мезгилинде да (рев-я кыймылдарын басуу максатында да) жарыялана берет.

СОГУШ ТУТКУНДАРЫ (эл аралык укукта) — согуш маалында эркинден душман колунда калган аскер адамдары (партизандардын ыктыярдуу отряддары, каршылык көрсөтүү кыймылынын катышуучулары ж. б.). О. эле согушка түздөн түз катышпаган аскер кабарчылары, соода флоту м-н гражд. авиациянын экипаж мүчөлөрү ж. б. да С. т. болот.

19-к-дын 2-жарымына чейин эл аралык укукта С. т-ным режимин аныктаган ар тарапту келишимдер болгон эмес. С. т. ж-дегү биринчи конвенция 1899-ж. Гаагада, жаңы конвенция 2-Гаага конф-ясында (1907) иштелип чыккан. Биринчи дүйн. согуш (1914—18) С. т-ным режимин кайра карап муктаждыгын туудургандан кийин 1929-ж. Женева конвенциясы кабыл алынган (СССР катышкан эмес). Экинчи дүйн. согуш (1939—45) мезгилинде фаш. Германиянын С. т. ж-дегү эл аралык укукту бузганына байланыштуу 1949-жылкы Женева конвенциясы кабыл алынган. 1958-ж. СССРде С. т-ным укугун бузуучуларга уголовный жаза колдонуу ж-дегү закон бекитилген.

Ад.: Женевская конвенция об обращении с военнопленными от 12 авг. 1949 г. в кн.: Женевские конвенции о защите жертв войны, М., 1954; Международное право, М., 1966.

СОДА — *көмүр кислотасынын* патрий туздарынын тех. аты; ак түстөгү хим. зат. Ал суусуз Na_2CO_3 (патрий карбонаты), ичилүүчү $NaHCO_3$ (патрий гидрокарбонаты), кристаллдашкан $Na_2CO_3 \cdot 10H_2O$, $Na_2CO_3 \cdot 7H_2O$ ж-а $Na_2CO_3 \cdot H_2O$ С. болуп болунөт. Суусуз С. — түссүз кристалл зат, тыгыздыгы 2,53 *г/см*³, эрүү t 853°С. Сууда жакшы эрийт. Ичилүүчү С.— ак кристаллдар, тыгыздыгы 2,16—2,22 *г/см*³, 50°Сден жогору ысытканда ажырай баштайт. Төмөнкү реакциялар м-н алынат: $NaCl + NH_4HCO_3 = NH_4Cl + NaHCO_3$, $Na_2CO_3 + CO_2 + H_2O = 2NaHCO_3$. Булардын кургатуу м-н суусуз С. алынат. Табиятта С. минералдар түрүндө жолугат. С-ным башка түрлөрүн алуунун сырьёсү, о. эле каустикалык С-ны (жегич натрды) NaOH — *натрий суу кычкылын* алууда керектелет. Ал айнек, кагаз, самын чыгаруу ж-а тамак-аш ө. ж-нда, медицинада, тиричиликте кеңири колдонулат.

СОДАЛИТ — *силикаттар* классындагы минерал. Хим. формуласы $Na_8[AlSiO_4]_6Cl_2$; *куб системасында* кристаллданат. Өңү көк, саргыч, мала жашыл, боз; айнек сымал жылтырайт. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 5,5—6; салыштыр. салм. 2,3. С. жегичтүү интрузия тоо тегин түзүүчү минерал кавындага кезигет. С-тин көгүш түстөгүсү асыл ж-а кооз таш катары пайдаланылат.

СОЖ—Днепрдин сол куймасы, РСФСР (Смоленский обл.) м-н БССРдеги (Могилёв ж-а Гомель обл.) дарыя. Уз. 648 *км*, алабынын аянты 42,1 миң *км*². Смоленский дөңсөөсүнөн башталып, Орша-Могилёв түздүгү ж-а Полесье аркылуу агат. Негизинен кар суусунан куралат. Жылдык орт. чыгымы Гомель ш-нда (чатынан 100 *км* жогору) 207 *м*³/*сек*. Башкы куймалары: Проня (оң), Остёр, Беседь, Ипуть (сол). Кричев ш-нан тартып кеме жүрөт. Боюнда Кричев, Чериков, Славгород, Гомель ш. жайгашкан.

СОПКУ БАШ (Lynx torquilla) — *тонкулдактар* түркүмүнүн өкүлү. Оңу көгүш күрөң. Тумшугу чукуур симал учтуу. С. б. даректын сөңгөгүн чукуп теше албайт; куйрук чалгындары жумшак. Эки манжасы алдыга, экөө артка карай ийилип турат. Кеңги куш. Африкада жашайт. СССРде жазы ж-а ийне жалбыректуу аралаш токойлордо жашайт; Кырг-нда С. б. өткүн куш катары учурайт. Түрдүү курт-кумурскаңы жейт. Сүрөтүн к. *Тонкулдактар* макаласынан.

СОПЛООК ЖЫЛАНДАР (Coluber) — суу жыландар тукумунун уруусу. Уз. 2,4 *м*ге жетет. Жону темгилдүү жеңил-жеңил сызыктуу, боору ачык түстүү. С. ж-дын 30 түрү Түш. Европа, Азия, Түп. ж-а Чыгыш Африкада, Түш. ж-а Борб. Америкада таралган. СССРде 6 (Кырг-нда 5) түрү кездешет. Алар талаа, чөл, жарым чөл ж-а гоолордо жашайт. С. ж. өтө шамдагай келип, дарак ж-а аскаларга жакшы чыгат. Майда кемирүүчүлөр, кескелдирик, чымчык ж. б. м-н азыктанат. С. ж. 25ке чейин жумурткатуулуйт.

СОПЛООЧУЛАР, рептилиялар (Reptilia) — омурткалуу жаныбарлардын классы. С. омурткалуулардын ичинен курсакта жашоого 1-ыңгайланган. Мээси начар өөрчүгөн, каны артерия ж-а вена каналына болунбогон, дене темп-расы туруксуз. С-дын териси муйуз, чопкут, түрүү же калканч (айрым сууда жашоочу жумшак денелүү таш бакалардан башка) м-н капталган. Аяктары беш манжалуу, айрымдарыныкы түрүн өзгөрткөн (мис., таш бакалар, хамелеон) же редукцияланган (мис., жыландар). Баш сөөгү омуртка тутуму м-н кыймылдуу бириккен. Алдыңкы ж-а кара куш мээлер жакшы өөрчүгөн, дем алуу органдары трахея ж-а бронхаларга болунгөн. Ошосу чөнөкчөлүү; жүрөгү 3 камералуу (2 жүрөк дүлөйү ж-а 1 карынчасы), жүрөк карынчасынан ири 3 кан тамыр чыгат. Көпчүлүк С-дын табарсыгы бар; крокодил, жылан ж. б-да жетилбеген.

Азыркы С-га таш бакалар, крокодилдер (гаттерия же таутара), кескелдириктер, жыландар, амфисбендер кирет. Азыркы жашаган С-дын Жер шарында 6 миңдей, СССРде 131че (Кырг-нда 25тей) түрү белгилүү. Көпчүлүгү жер бетинде ачык, күн нуру жакшы тийген, суусуз, дээрлик өсүмдүгү аз жерлерде, кээси (крокодил, көпчүлүк таш бакалар) көл, өзөн ж-а сазда, чандасы (айрым таш бакалар, жыландар) деңизде жашайт. Дене темп-расы чөйрөгө жараша өзгөргөндүктөн алардын активдүүлүгү ар кандай. Мис., суукта көбү кыймылсыз жата берсе, ысыкта тез кыймыл-аракет жасайт. С. жаныбар жө өсүмдүк м-н азыктанып, жумурткa, жумурткa-тирүү же тирүү туун көтөрөт. Ичегисинде ашказаны, ашказанында ферменттери бар. Кээ бир С. (мис., кескелдирик) ашказанында ферменттери жок, ичегисинде ферменттер менен ашказанда ферменттер менен ашказанда ферменттер менен ашказанда

СССР, ӨНӨР ЖАЙ КАРТАСЫ

ИШТЕП ЧЫГАРУУ ӨНӨР ЖАЙЫ

- Кара металлургия
- Түстүү металлургия
- Машина куруу ж-а металл иштетүү
- Химия, нефть-химия ж-а нефть аммратуу
- Курулуш материалдарын өндүрүү
- Токой-кагаз иштетүү ж-а целлюлоза-кагаз
- Кагаз
- Тамак-аш

Жасалгы: Өнөр жай пункттарынын өлчөмү анда машаган валютын санына жараша көрсөтүлгөн

КЕН БАЙЛЫКТАРДЫ КАЗЫП АЛУУ

- нефть
- табигый газ
- таш көмүр
- күрөң көмүр
- күйүүчү сланец
- темир рудасы
- марганец рудасы
- никель рудасы
- алюминий рудасы
- жез рудасы
- полиметалл рудасы
- калай рудасы
- алтын
- асбест
- графит
- слюда
- апатит ж-а фосфорит
- кварц
- калий тузу
- байгатма туз
- глаубер тузу
- алмаз

Экономикалык райондордун чек арасы

Жаңы түзүлүүчү байгатыш-өндүрүштүк комплекстер (маалымдуулоор)

ЭЛЕКТР СТАНЦИЯЛАР
(2 млн. киловатттан ашык)

Иштеп жаткан / Курулуп жаткан

- Жылуулук
- Атом
- Суу

- Нефть жүргүзүүчү
- Газ жүргүзүүчү
- Темир жолдор
- Байкал-Амур темир жол магистралы
- Белый уулоо порттору

КЫСКАРТУУЛАР

Альм. – Альметьевск
Ан.-С. – Анжеро-Судженск
Арм. – Армавир
Б – Балахна
Брн – Барановичи
Б Ц – Белая Церковь
Бл – Благовещенск
Бз – Борзя
Брс. – Борисоглебск
Бк – Бугульма
Бгр. – Бугуруслан
Вч – Вичуга
Влд. – Владивосток
Вд. – Владимир
Вскр. – Воскресенск
Втк. – Воткинск
В.В. – Вышний Волочек
Гм – Гомель
Гр – Горловка
Даг. – Дальнегорск
Дз. – Дзержинск
Дмт. – Димитровград
Дпз – Днепродзержинск
Дпп. – Днепропетровск
Дн. – Донецк
Ефр. – Ефремов
Жзк – Железногорск
Жт. – Житомир
Жм. – Жмеринка
Зпр. – Запорожье
Злд – Зеленодольск
И.-Ф. – Ивано-Франковск
Клг. – Калуга
К.-У. – Каменск-Уральский
Кч. – Качканар
Кз. – Кизел
Кис. – Кингисепп
Кр. – Кировакан
Крг. – Кировоград
Клц. – Климцы
Кв. – Ковров
Кк. – Кокон
Клм. – Коломна
Кл. – Колпино
К.Я. – Кохтла-Ярве
Крм. – Краматорск
Крск. – Красноармейск
Крс. – Красноуральск
Кмн. – Кременчуг
К.-Т. – Коргон-Тобе
КМА – Курск магнит аномиялары

КЫСКАРТУУЛАР

Мнг. – Мингечаур
Мч. – Мичуринск
Мг. – Могилев
Мчк. – Мукачево
Мр. – Муром
Мтш. – Мытищи
Н Ч. – Набережные Челны
Нм. – Наманган
Нкч. – Наличевань
Нфт. – Нефтегорск
Н. – Нижнекамск
Н. Тг. – Нижний Тагил
Нвл. – Новоалтайск
Нвк. – Новокуйбышевск
Нвм. – Новомосковск
Нп. – Новополоцк
Нвт. – Новотроицк
Нвч. – Новочеркасск
Нг. – Ногинск
Омт. – Омутнинск
Орджн. – Орджоникидзе
О.-З. – Орехово-Зуево
Пв. – Павлово
Пик. – Пикалево
Пд. – Подольск
Прк. – Прокопьевск
Рос. – Рославль
Сд. – Садон
Сл. – Салаир
Срп. – Сарапул
Сврд. – Свердловск
Св. – Свободный
Сдн. – Северодонецк
Сп. – Серпухов
Слб. – Слободской
Срт. – Сортавала
С. – Соликамск
Сп.-Д. – Спасск-Дальний
Ст. – Степанакерт
Стр. – Стерлитамак
Тг. – Таганрог
Трп. – Термополь
Трс. – Тирасполь
Ужг. – Ужгород
Уср. – Уссурийск
Хс. – Хасавюрт
Хм. – Хмельницкий
Чп. – Чапаевск
Чб. – Чебоксары
Чрк. – Черкассы
Чрнг. – Чернигов
Чст. – Чистополь
Ш. – Шуя
Эл. – Электросталь

МАСШТАБ 1:20 000 000


0 200 400 600 800 км


1:40 000 000

СССР, ЭКОНОМИКАЛЫК РАЙОНДОР



СССР,АЙЫЛ ЧАРБАСЫ




СССР, ЭКОНОМИКАЛЫК РАЙОНДОР
СССРдайыл чарбасы
Кара топурасыз зонанын чеги
Дың ө-н айдалбаган жерлер өзөштүрүлүп жаткан башы райондор
Экономикалык райондор
I Түндүк-Батыш
II Борбордук
III Волга-Вятка
IV Борбордук кара топурактуу
V Волга боюу
VI Түндүк Кавказ
VII Урал
VIII Батыш Сибирь
IX Чыгыш Сибирь
X Ыраакы Чыгыш
XI Дон-Днепр боюу
XII Түштүк-Батыш
XIII Түштүк
XIV Балтика боюу
XV Закавказье
XVI Орто-Азия
XVII Казакстан
XVIII Белоруссия
XIX Молдавия ССРи
Экономикалык райондор чеги
Масштаб 1: 35 000 000
Чыгыш Сибирь денизи
Япон денизи
Охота денизи
Берингдин денизи
Чукча денизи
Жылан муз океаны
Норвег денизи
Кара деңиз
Каспий деңизи
Аралдар
Ньюфаундленд
Шпицберген
Земля Франца-Иосифа
Новая Земля
Новосибирские о-ва
Земля Северная
Земля Врангеля
Курильские о-ва
Сахалин
Камчатка
Командорские о-ва
Шантарские о-ва
Япония
Сахалин
Хоккайдо
Курильские о-ва

маалыматтар шакирттеринин (Ксенофонт, Платон ж. б.) эмгектеринде берилген. С-тын пикири б-ча дүйнөнүн түзүлүшүн, перселердин табиятын таанын билүү мүмкүн эмес, адам өзүн гана таанын биле алат. Ал байыркы натурфилософияны чанын, адам ақ-сезимин, ойлоосун иликтеген. Анын окуусу матер. натурализмден идеализмге бурулуу болгон. С.—маектешүү аркылуу акыйкатка жетүүгө багытталган филос. диалектиканы баштоочулардын бири. С-тын ою б-ча билим—жалпы персе ж-дөгү ой, түшүнүк. Түшүнүк аныктоо аркылуу айкындалып, индукция аркылуу жалпыланат. С-тын этикасы рационалдык мүнөздө болгон: жаман кылык-жоруктан билбестиктен келип чыгат деген. Кийинки дооролордо С-тын образы акылмандыктын үлгүсү болгон.

СОКУ — данды актоо, түктөө, дапек ж. б. заттарды жанчууда колдонулуучу курал. С. арча, кайың сыяктуу катуу жыгачтын дөңгөчүнөн ичи чуңкурайта оюлуп, ооз жагы кенен, түп көндөйү кууш жасалат. Жыгач С-нун бийиктк. 50—80 *см*, диаметри 30—35 *см*дей болот. С-нун сокбилеги (соку ташы, жанчуучу, баласы) болот. Ал таш, темир, кээде катуу жыгачтан С-нун чоңдугуна карай шлайыкталып, туткалуу же туткасыз жасалат. Сокбилек м-н ургулаганда жарылып кетпес үчүн жыгачтан оюлган С-лардын көндөй жагынан 2—3 жеринен чылгый тери же темир, оозу айланта темир м-н алкакталган. С. сымал буюм Азия, Африка элдеринде ж. б-ларда да учурайт.

СОКУЛУК — Сокулук р-нундагы суу, Ак-Суунун сол куймасы. Уз. 26 *км*, суу чогултуучу аянты 353 *км*². Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталынан башталган Чоң-Төр ж-а Кичи-Төр сууларынын кошулушунан пайда болуп, түн. тарапка агат. Ак-Сууга жетпей сугат системасына таралат. С. жог. агымында тепшилүү, V сымал өрөөн аркылуу агып, тоодон чыга бериште өрөөнү кеңийт. Алабында жалпы аянты 57,9 *км*²ге жеткен 48 мөңгү бар. Негизинен мөңгү, кар ж-а булак сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 5,14 *м*³/*сек*. Май айында кирип, сентябрда тартылат. Жээгинде Белогорка, Конуш, Октябрь, 1-Май, Сокулук, Арал кыш. жайгашкан.

СОКУЛУК — Сокулук р-нунун борбору, кыштак. Сокулук айыл советине карайт. Ленин ж-а 21-партсъезд атн. к-здордун аймагында. Сокулук суусунун ж-а Фрунзе — Жамбыл автомобиль жолунун боюнда. Фрунзе ш-нан 24 *км* батыш тарапта. Шопоков т. ж. станциясынан 2 *км*. Калкы 17 568 (1979). Үч орто мектеп, 2 китепкана, мад-т үйү, клуб, кинотеатр, А. Малдыбаев атн. Ленин ордендүү Кыргыз мамл. академиялык опера ж-а балет театрынын филиалы, ооруканa, үй-тиричилик комбинаты, Сокулук бакма канаттуулар ф-касы бар. 1922-ж. орношкон.

СОКУЛУК КАЗЫНАСЫ — үй-тиричиликте, жоокерчиликте колдонулуучу буюмдардан турган арх-ялык табылга. Сокулук суусунун оң жээгинен 1938-ж. жол салуу убагында табылган. Жалпы саны 19 буюм: балта, күзгү, орок, кескич, пайза, тешкич, теше ж. б. Баары тең б. з. ч. 12—8-к-да колдон жасалганы аныкталган. Табылга Кыргыз ССРинин Мамл. тарых музейинде сакталууда.

СОКУЛУК КАПЧЫГАЙЫ Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталында. Чыгышы Жыламыш, батышы Ак-Суу суу болгучтөрү м-н чектешет. Аянты 429 *км*², уз. 31 *км* (Белогорка кыш-нан жогору). Жазылыгы жог. бөлүгүндө 22 *км*, төмөн жагында 9 *км*. Капчыгайдын таманы деңиз деңг. 1400—3000 *м*, жабык төрлөрдүн кыры 4100 *м* бийикте. Суу болгучтөрүнүн орт. бийикт. 3700 *м*, эң бийик жери Туюк (4446 *м*) ж-а Кичи-Төрдүн башында (4316 *м*). Капчыгайдын салыштырмалуу тереңд. 900—2200 *м*, таманы кууш 50—200 *м*, капталдары тик 35—90°. Рельефи татаал. Байыркы мөңгүлөрдүн ж-а суунун аракетинен пайда болгон. Сокулук ж-а анын куймаларынын жог. бөлүгү тепши сымал өрөөндөрдөн турун, азыркы мөңгүлөр м-н капталган тик капталдуу, аска-зоокалуу жабык төрлөр м-н бүтөт. Бул өрөөндөрдүн этегинде суу эрозиясынан пайда болгон V формасындагы кууш капчыгайлар кездешет. Капчыгайдын капталдарында куш ж-а терең жылгалар бар. Белогорка кыш-нан түндүктү карай капчыгай кенен (1—3 *км*) өрөөнгө өтүп, эндүү аккумуляциялык тектирлерди пайда кылат. Өрөөндүн оң ж-а сол суу бөлүгү плиоцендин, шагыл, кумдук ж-а чопо тоо тектеринен турун, бети антропогендин сары топурагы м-н капталган; деңиз деңг. бийикт. 1780 *м*, жазылыгы 9—12 *км*. Капчыгайдагы мөңгүлөрдүн жалпы аянты 57,9 *км*²; кар чеги 3500—3900 *м*. Климаты кескин континенттик. Январдын орт. темп-расы — 8°С...—16,2°С, июлдуку 12,1—8,5°С. Жылдык жаанчачыны 500—689 *мм*. Топурагы ж-а өсүмдүктөрү бийиктик б-ча өзгөрөт. Деңиз деңг. 800—1300 *м* бийикте жарым чөл (ак шыбак, кара кыяк, буудайык; чычырканак, караган ж. б. өсүмдүктөр), 1300—1800 *м*де талаа (карындыз, кызыл от, кара шыбак, тоо сойгок ж. б.), 1700—3000 *м*де шалбаа ж-а шалбаалуу токой (кара кыяк, бетеге, ак сокто, боруй карагат, долоно, арча, ит мурун ж. б.), 3000—3500 *м* бийикте субальп ж-а түү карай ичке тилке болуп (уз. 100 *км*ге, туурасы 35—40 *км*ге) созулат. Түндүктө Чүй д-нын (деңиз деңг. бийикт. 560 *м*) жээгинен башталып, Кыргыз Ала-Тоосунан бүтөт (к. *Сокулук капчыгайы*). Жериинин көбү түзөң (түн. жагы). Түштүгүн Кыргыз Ала-Тоосу ж-а анын адырлары ээлейт. Район деңиз деңг. 1100—3000 *м* бийикте жатат. Кен байлыктарынан курулуш материалдары бар. Климаты континенттик. Январдын орт. температ. — 6,1...— 14,5°С, июлдуку 22—25°С. Жылдык жаан-чачыны 450—500 *мм*. Суулары: Сокулук, Жыламыш ж. б. Кыртышы боз, кара күрөң ж-а кара топуракту. Райондун түзөң бөлүгү дээрлик айдоого айланган. Тоо капталдарында талаа, тоолуу шалбаа өсүмдүктөрү, бадал, арча, карагай өсөт. Райондо 40 улуттун өкүлдөрү жашайт: кыргыз, орус, украин, немец, казак, аверб-н ж. б. Калкынын орт. жышт. 1 *км*² жерге 58 киши (1978). Калкынын көбү (91,4%) кыштактарда, 8,6% Краснооктябрьский ш. т. посёлкасында жашайт.

С. р.—реси-кадагы экономикасы ж-а мад-ты өнүккөн алдыңкы райондордун бири. А. ч-сы дыйканчылыктан кант кызылча, дан эгин, картошка, жашылча-жемиш өстүрүүгө, мал чарбасынан жүн, сүт, эт (айрыкча канаттууларды) өндүрүүгө адистешкен. А. ч-га жаракту 147,6 миң *га* жердин 78 миңи айдоо, 61,3 миңи жайыт, 5,7 миңи чабынды. Дан эгиндер (42,3 миң *га*), кант кызылча (8421 *га*), картошка (1,7 миң *га*), жашылча (1,7 миң *га*), төөт өсүмдүктөрү (23,5 миң *га*) өстүрүлөт (1976). 1976-ж. 52,8 миң уй, 217,1 миң кой, 1 миң эчки, 6,4 миң жылкы, 39,5 миң чочко, 511,7 миң бакма канаттуулар болгон. Ө. ж. ишканаларынан *Сокулук соода машина куруу заводу*, *Ново-Троицкий кант заводу*, Томонку Чүй металл буюмдар, Ново-Троицкий нан з-ддору, *Фрунзе бут кийим өндүрүш бирикмесинин* филиалы, үй-тиричилик комбинаты иштейт. Жеринин түздүгү ж-а Фрунзе ш-на чектеш жайгашуусу райондо транспорттун өнүгүшүнө ыңгайлуу шарт түзгөн. Райондун кыштактары автомобиль жолдору аркылуу байланышат. Аймагынан Луговая — Фрунзе — Рыбачье т. ж. линиясы ж-а Ташкен — Фрунзе — Алматы автомобиль жолу өтөт. Райондун аймагында Фрунзе ш-н, о. эле Кырг-ндын бардык райондорун олкобүздүн ири шаарлары м-н байланыштыруучу «Манас» аэропорту жайгашкан. 1977—78-окуу жылында 29 орто, 20 сегиз жылдык, 1 башталгыч, муз., спорт мектептери, кесипчилик окуу жайы болгон. 54 клуб, 53 китепкана, 965 орундуу 6 ооруканa, 3 поликлиника, 23 фельдшер-акушердик пункт ж. б. иштеген (1978). Райондо «Народная трибуна» (1965-жылдан), «Элдик трибуна» (1970) газеталары чыгат.




Сокулук капчыгайы. Белогорка кыштагынан жогору.

Ад.: Ройченко Г. И., Почвы Киргизии и их использование, Фр., 1954; Рязанцев С. Н., Павленко В. Ф., Киргизская ССР, Фр., 1960; Киргизия, М., 1970 (серия «Советский Союз»).


СОКУЛУК СООДА МАШИНА КУРУУ ЗАВОДУ—Кырг-ндагы соода машинасын жасоочу түңгуч ири ишкана. Жецил, тамак-аш ө. ж. үчүн тамак казанын, цистерна ж-а түрдүү тиричилик буюмун чыгарат. Жецил, тамак-аш ө. ж-лары ж-а тиричилик буюмдарын белендөөчү СССРдин машина куруу мин-восунун бүткүл союздук «Союзторгмаш-өндүрүш» бирикмесине карайт. Завод Сокулук р-нундагы Краснооктябрьский ш. т. посёлкасында жайгашкан. 1942-ж. Курский обл-нан көчүрүлүп келген. Завод электр, буу ж-а газ м-н иштөөчү 40, 60, 100, 250 ж-а 400 литрлик тамак казанын чыгарууга адистештирилген.

Завод чыгарган тамак казандары.



Ошону м-н катар квас ташуучу АЦПТ-0,9 чиркеме прицеби, нефть продукт ташылуучу АЦ-4,2 цистернасы, тиричилик газ плиталары ж. б. чыгарылат. 1977-ж. 20500 даана тамак казаны, 9 миң даана квас цистернасы белендеген. Завод тамак казаны ж-а квас цистерналары м-н бүткүл союзду жабдыйт. Тамак казаны МЭР, Япония, Финляндия, Алжир, Гвинея, Иран, Афг-н, Куба, ГДР, Польша, Венгрия, Румыния, Чехосл-я, Болгария ж-а Югосл-яга экспорттолот.

СОКУЛУК СУУ САКТАГЫЧЫ Сокулук сууcунун орто агымында, Чоң Чүй каналынан 10 *км* түн. тарапта. «Кыргызгипроводхоз» ин-ту иштеп чыккан долбоор б-ча Сокулук р-нундагы сугат жерлерди суу м-н камсыз кылуу үчүн 1965—68-ж. курулган. Аянты 220 *га*, толук көлөмү 12,0 млн *м*³. Плотинанын уз. 3,5 *км*, эң бийик жери 23,5 *м*. Суу сактагыч секундасына 30 *м*³ суу чыгарат. Суу



Сокулук суу сактагычы.

сактагычтын курулушунан кийин көшумча 4,90 миң *га* жер суу м-н камсыздалган.

СОКУР ЧЫЧКАНДАР (Ellobius)—кемирүүчүлөр түркүмүнүн уруусу. Денесинин уз. 13 *см*дей, куйругу кыска. Кашка тиштери жер казууга ыңгайланган. Жүнү жумшак, сары күрөң түстө, боору агыш, бозомтук темгилдери бар. Евразиянын талаа ж-а чөлдөрүндө, жарым чөлдөрүндө, тоолордо (4000 *м*ге чейин бийикте) таралган. СССРде 3 түрү (Кырг-нда 1) кездешет. Жылына 3 жолу 3—5 бала туурйт. Өсүмдүктөрдүн тамыры ж-а жашыл массасы м-н азыктанат. Огого ж-а бакчага зыян келтирет.

СОКУ-ТАШ — Ош обл-нын Сузак р-нундагы Кызыл-Туу айыл советине караштуу кыштак. Карл Маркс атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Сузактан 25 *км* түн.-батыш тарапта. Жалал-Абад ш-нан 25 *км*. Калкы 343 (1979). Орто мектеп, китепкана, медпункт бар.

СОЛАЖ — ширелүүлүгүн ж-а жагымдуулугун жогорулатуу үчүн самандан ар кандай хим. жол м-н даярдалган чыктуу тоют. Тууралган саман чакан чуңкурга 40—50 *см* калыңдыкта төшөлүп, 3% акң таш ж-а 10% шире аралаш эритинди м-н нымдалат. Ушундай ирет м-н чуңкур толтурулуп, үстү жылуулаңын жабылат. 5—7 күндөн кийин малга берүүгө болот. Ширенин эсебинен самандын жагымдуулугу 2,5—3 эсе жогорулайт. Нымд. 65—75% 1 *кг* С-да 0,15—0,20 тоют бирдиги, 8—13 *г* сиңимдүү протеин, 0,4—10 *г* кальций ж-а 0,05—0,07 *г* фосфор болот. Саманды С-доо ыкмасы Кырг-ндын чарбаларына да кеңири жайылтылууда.

Ад.: Гурмач И., Саманды кайра иштетүүнүн алдыңкы ыкмасы, «Кыргызстан айыл чарбасы», 1977, № 3.

СОЛДАТ (итал. soldare — жалдоо, акы төлөө дегенден) — 1) катардагы аскер кызматкери. 2) Кең мааниде — жоокер, аскер киши, ветеран (кары С.). Өтмө мааниде — өзүн кандайдыр бир ишке багыштаган адам (мис., рев-ялын С-ы). Алгачкы учурда кызматы үчүн акы алган жалданма жоокер С. аталган; 15-к-да Италияга, кийин Батыш Европага, 17-к-да Россияга тараган. Орустун туруктуу армиясында 18-к-дан рекрут белгилүү убакытка кызмат өтөгөн соң С. наамын алган. Рекруттук милдет б-ча (18—19-к-дын 1-жарымы) чакырылгандар крепостной укуктан бошотулуп, балачакасы м-н «солдат катмарына» кирген. Крепостной укук жоюлган соң (1861) жалпы аскердик милдет киргизилип (1874), «солдат катмары» жоюлган. «Төмөнкү чин» атайын С. деп аталбай калган. 1917-жылдагы Февр. рев-ясынан кийин «төмөнкү чиндегилер» кайрадан С. аталган. 1918-ж. Кызыл Армиянын түзүлүшү м-н катардагы аскер кызматындагылар кызыл аскер, ал эми Улуу Ата Мек. согуштан кийин (1946) алар ж-а ефрейторлор С. аталган (к. *Аскердик наамдар*).

Всероссийское общество слепых и его деятельность. М., 1965.

СОКУР ЧЫЧКАНДАР (Ellobius)—кемирүүчүлөр түркүмүнүн уруусу. Денесинин уз. 13 *см*дей, куйругу кыска. Кашка тиштери жер казууга ыңгайланган. Жүнү жумшак, сары күрөң түстө, боору агыш, бозомтук темгилдери бар. Евразиянын талаа ж-а чөлдөрүндө, жарым чөлдөрүндө, тоолордо (4000 *м*ге чейин бийикте) таралган. СССРде 3 түрү (Кырг-нда 1) кездешет. Жылына 3 жолу 3—5 бала туурйт. Өсүмдүктөрдүн тамыры ж-а жашыл массасы м-н азыктанат. Огого ж-а бакчага зыян келтирет.

СОКУ-ТАШ — Ош обл-нын Сузак р-нундагы Кызыл-Туу айыл советине караштуу кыштак. Карл Маркс атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Сузактан 25 *км* түн.-батыш тарапта. Жалал-Абад ш-нан 25 *км*. Калкы 343 (1979). Орто мектеп, китепкана, медпункт бар.

СОЛАЖ — ширелүүлүгүн ж-а жагымдуулугун жогорулатуу үчүн самандан ар кандай хим. жол м-н даярдалган чыктуу тоют. Тууралган саман чакан чуңкурга 40—50 *см* калыңдыкта төшөлүп, 3% акң таш ж-а 10% шире аралаш эритинди м-н нымдалат. Ушундай ирет м-н чуңкур толтурулуп, үстү жылуулаңын жабылат. 5—7 күндөн кийин малга берүүгө болот. Ширенин эсебинен самандын жагымдуулугу 2,5—3 эсе жогорулайт. Нымд. 65—75% 1 *кг* С-да 0,15—0,20 тоют бирдиги, 8—13 *г* сиңимдүү протеин, 0,4—10 *г* кальций ж-а 0,05—0,07 *г* фосфор болот. Саманды С-доо ыкмасы Кырг-ндын чарбаларына да кеңири жайылтылууда.

Ад.: Гурмач И., Саманды кайра иштетүүнүн алдыңкы ыкмасы, «Кыргызстан айыл чарбасы», 1977, № 3.

СОЛДАТ (итал. soldare — жалдоо, акы төлөө дегенден) — 1) катардагы аскер кызматкери. 2) Кең мааниде — жоокер, аскер киши, ветеран (кары С.). Өтмө мааниде — өзүн кандайдыр бир ишке багыштаган адам (мис., рев-ялын С-ы). Алгачкы учурда кызматы үчүн акы алган жалданма жоокер С. аталган; 15-к-да Италияга, кийин Батыш Европага, 17-к-да Россияга тараган. Орустун туруктуу армиясында 18-к-дан рекрут белгилүү убакытка кызмат өтөгөн соң С. наамын алган. Рекруттук милдет б-ча (18—19-к-дын 1-жарымы) чакырылгандар крепостной укуктан бошотулуп, балачакасы м-н «солдат катмарына» кирген. Крепостной укук жоюлган соң (1861) жалпы аскердик милдет киргизилип (1874), «солдат катмары» жоюлган. «Төмөнкү чин» атайын С. деп аталбай калган. 1917-жылдагы Февр. рев-ясынан кийин «төмөнкү чиндегилер» кайрадан С. аталган. 1918-ж. Кызыл Армиянын түзүлүшү м-н катардагы аскер кызматындагылар кызыл аскер, ал эми Улуу Ата Мек. согуштан кийин (1946) алар ж-а ефрейторлор С. аталган (к. *Аскердик наамдар*).



В. Соловьёв-Седой.



М. С. Соломенцев.

СОЛДАТ КОМИТЕТТЕРИ — орус армиясындагы шайланма саясий уюмдар. 1917-жылдагы Февр. бурж.-демокр. рев-ясынын жеңишинен кийин пайда болгон. Мүнөзү б-ча Жумушчу, солдат ж-а дыйкан депутаттар советтерине окшош. С. к. Советтер м-н байланышта аракеттенген, жетекчиликти тааныган, Советтердин жерг. ж-а Бүткүл россиялык съезддеринин ишине катышкан. Рев-ясын өнүгүш этабында С. к. солдат массаларынын рев-ячыл-демокр. бийлигинин органы болуп, аларды большевиктештирүүгө жараша соц. рев-яны колдоо позициясына өтүшкөн, анын жеңишинен кийин Совет бийлигинин армиядагы органы болуп калган. Большевиктердин жетекчилиги м-н С. к. армияны аягына чейин демократташтырууда, Кызыл Флот ж-а Кызыл Армиянын катарына алдыңкы матрос, солдаттарды тартууда чоң роль ойногон. Эски армия болуктөрүнүн демобилизациялануышына жараша С. к. өз ишмердигин токтото баштаган.

Ад.: Миллер В. И., Солдатские комитеты русской армии в 1917 г., М., 1974.

СОЛЕНОИД (гр. solen — түтүк ж-а éidos—түр) — цилиндр түрүндөгү бетке изоляцияланган электр тогун өткөргүч зым оролуп жасалган индуктивдүү түрмөк. Узуну диаметринен кыйла чоң болгон С-дин ички көндөйүнүн ортосуна болүүндөгү магнит талаасы С-дин огуна параллель багытталган ж-а бир тектүү; аның чыңалышы токтун күчүнө ж-а ором санына пропорциялат. Ичке көндөйүнө темир өзөк орнотулган С. электр-магнит деп аталат. Ал жүк көтөргүч түзүлүштө, электр кыймылдаткычында, генератордо ж-а ар кандай электр магнит приборлорунда кеңири колдонулат.

СОЛИГОРСК—БССРдин Минск обл-ндагы шаар (1963-жылдан). Минск ш-нан 133 *км* түш. тарапта. Т. ж. станциясы. Калкы 60 миң (1978). Калий комбинаттары бар. Темир-бетон конструкция з-ду, трикотаж ф-касы иштейт. Тоо-химия техникуму бар. Шаарга жакын жердеги Старобин калий тузу бассейнинин ачылышынан пайда болгон.

СОЛИКАМСК — Пермь обл-ндагы шаар. Каманын сол жээгиндеги пристань. Т. ж. станциясы. Калкы 101 миң (1979). Химия ө. ж-нын маанилүү борбору. Целлюлоза-кагаз комбинаты, 1936-жылдан магний з-ду иштейт. 1925-ж. шаарга жакын жерде калий тузунун Жог. Кама кени ачылган. Целлюлоза-кагаз ж-а автомобиль-жол кечки техникумдары, Березники курулуш техникумунун кечки бөлүмү, мед. ж-а пед. окуу жайлары, край таануу музейи, арх-ра эстеликтери бар. С. 15-к-дын 2-жарымында негизделген.

СОЛИСТ (лат. solus — бир, жалгыз) — жалгыз ырчы же аспап үчүн жазылган муз. чыгарманы, операда бир партияны ж-а балетте биринчи, экинчи ролдорду, жеке номерлерди аткаруучу адам.

СОЛИФЛЮКЦИЯ (лат. solum — топурак, кыртыш; fluctio — жылмышуу, агуу) — тоо бетиндеги тоңгон топурактын ж-а борпоң кыртыштын эриген учурда төмөн карай акырындык м-н жылышы. С. негизинен оордук күчүнүн таасиринен сезондук ж-а көп жылдык тоң кеңири таралган уюлдук ж-а бийик тоолуу аймактарда пайда болот. С-нын таасиринен тектердин составына жараша жончо, тилке, тектир, жал, оюлма сыяктуу рельефтин майда формалары пайда болот.

СОЛО (лат. solus — бир, жалгыз) муз. ыкада—1) көп добуштуу муз. чыгарманын жалгыз ырчы же аспапчы аткара турган өзгөчө партиясы же эпизоду; 2) жалгыз аткаруу үчүн жазылган аспаптык пьеса.

СОЛОВКИ КӨТӨРҮЛҮШҮ (1668—76) — патриарх Никондун чиркөө реформасына каршы Соловки монастырында чыккан антифеод. элдик кыр көрсөтүү. Ага түрдүү социалдык катмарлар катышкан. Дыйкандардын катышуусу көтөрүлүшкө антикрепостниктик мүнөз берген. Көтөрүлүшчүлөр падыша аскеринен 1676-жылга чейин ийгиликтүү коргонгон. С. к.—17-к-дагы ири элдик, антифеод. кыймылдардын бири.

Ад.: Барсуков Н. А., Соловецкое восстание (1668—1676 гг.), Петрозаводск, 1954.

СОЛОВЬЁВ Сергей Михайлович [5(17) 5. 1820, Москва —4(16). 10. 1879, ошол эле жер] — орус тарыхчысы, Москва ун-тинин проф. Петербург ИАнын мүчөсү (1872). Дин кызматкеринин үй-бүлөсүнөн. Тарыхты өнүгүүнүн бирдиктүү процесси деп караганы м-н бурж. идеалисттик позицияда турган; тарыхтын башкы кыймылдаткыч күчү мамл. бийликтин ишмердиги деп эсептеген; Россиянын тарыхындагы тап күрөшүн таанган ж-а эл массасынын крепостной эзүүгө каршы күрөшүнө кас мамиледе болуп, бурж. либералдардын катарына кирген. С-дун эмгектеринде орус тарыхы б-ча көп материалдар б-р. Аның маанилүү эмгектери: «Байыркы замандан берки Россиянын тарыхы» (29 т., 1851—79), «Польшанын кулашынын тарыхы» (1863) ж. б.

Эм г.: История России с древнейших времён, кн. 1—15, М., 1959—66.

Ад.: Историография истории СССР с древнейших времён до Великой Октябрьской социалистической революции, 2 изд., М., 1971.

СОЛОВЬЁВ-СЕДОЙ (чын фамилиясы — Соловьёв) Василий Павлович [12(25). 4. 1907, Петербург — 4. 12. 1979, Ленинград] — сов. композитор, СССР эл арт. (1967), Соц. Эмг. Баатыры (1975). Ленинград консерваториясын (П. Б. Рязановдон композиция классы б-ча) бүткөн (1936). С.-С.— сов. ыр жанрынын көрүнүктүү чебери. Патриотизмди, достукту даңазалаган «Ойно, менин кыягым» (1941), «Булбулдар» (1944), «Москва кечтери» (1956), «Солдат жөнүндө баллада» (1960), «Россия тууралуу ыр» (1971) ж. б. ырлардын, «Тарас Бульба» (1940; 2-ред. 1955), «„Россия" портко кирди» (1964) балеттеринин, «Ишенимдүү дос» (1945), «Эң ыйык» (1952), «Олимпия жылдыздары» (1962), «Он сегиз жаш» (1967), «Туулган жөкте» (1970) оперетталарынын автору. Кинофильмдер м-н драмалык спектаклдерге да музыка жазган. 1948—64-ж. Композиторлор союзунун Ленинград бөлүмү башкармасынын пред-ли. 1957—74-ж. СССР комп. союзунун, 1960-жылдан РСФСР комп. союзунун секретары. СССР Жог. Советине (3—5-шайл.) депутат. Ленин дик сыйл. (1959), СССР мамл. сыйл. (1943, 1947) лауреаты. Үч Ленин ордени, Кызыл Жылдыз ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Сохор А., В. П. Соловьёв-Седой. Песенное творчество, Л.—М., 1952; Кремлёв Ю., В. П. Соловьёв-Седой. Очерк жизни и творчества, Л., 1960.

СОЛОМЕНЦЕВ Михаил Сергеевич [25. 10(7. 11). 1913-ж. т., Ериловка кыш., азыркы Липецкий обл., Елец р-ну]— сов. мамлекеттик ж-а парт. ишмер. Соц. Эмг. Баатыры (1973). 1940-жылдан КПСС мүчөсү. Дыйкан үй-бүлөсүнөн. Ленинград политех. ин-тун бүткөн (1940). 1940—54-ж. Липецк, Челябинск ш-ларындагы, Челябинский обл-ндагы з-ддордо иштеген [мастер, цехке башчы, ВКП(б) БКнын парторгу, башкы инженер, директор]. 1954—57-ж. КПССтин Челябинский обкомунун секретары, экинчи секретары. 1957—59-ж. Челябинский эл чарба советинин пред-ли. 1959—62-ж. Каз-н КП Караганды обкомунун биринчи, 1962—64-ж. Каз-н КП БКнын экинчи, 1964—66-ж. КПССтин Ростов обкомунун биринчи секретары. 1966—71-ж. КПСС БКнын секретары, КПСС БКнын бөлүм башчысы. 1971-жылдын июлунан РСФСР Мин. Советинин пред-ли, 1961-жылдан КПСС БКнын мүчөсү. 1971-жылдын ноябрынан КПСС БКнын Саясий бюросунун мүчөлүгүнө кандидат. СССР Жог. советинин (5—10-шайл.), РСФСР Жог. советинин (7—9-шайл.) депутаты. 1966—71-ж. СССР Жог. Советинин Союздар Советинин закон долбоорлоо комиссиясынын пред-ли. Төрт Ленин ордени, башка 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Эм г.: Ленинизм — наука революционной борьбы и коммунистического созидания, М., 1978.

СОЛОМОН — Израиль-Иудея мамлекетинин б. з. ч. 965—928-жылдардагы падышасы. Өлкөнүн уруулук бөлүнүшүн админ. аймактык бөлүнүш (12 округ) м-н алмаштырып, тармактуу админ. аппарат түзгөн. Салык төлөөнүн туруктуу системасын; эмгекке ж-а аскерге милдеттүүлүктү киргизип, армияны чыңдаган, шаар куруу ишин кеңири жүргүзгөн. Өлкөнүн эл аралык абалын чыңдап, тышкы сооданын өөрчүшүнө көмөктөшкөн. Иликтөө б-ча Библиянын айрым китептерин жазган. С-дун эзүүгө негизделген каталаң саясатына нааразы элдер ал өлөөр замат көтөрүлүш чыгарып, өлкө Израиль ж-а Иудея падышалыктарына бөлүнүп кеткен.

СОЛОМОН АРАЛДАРЫ—Тынч океандагы архипелаг; Меланезияда, Жаңы Гвинеянын чыгышында. Ири аралдары: Бугенвиль, Гуадалканал, Санта-Исабель, Маланта, Сан-Кристобаль, Шуазёль, Нью-Жоржия. Аянты 40,4 миң *км²*. Калкы 263,2 миң (1971). Түн. бөлүгү (Бугенвиль, Бука, Нисан ж-а айрым атоллдор) Папуа-Жаңы Гвинеяга, калган аралдары *Соломон Аралдары* мамлекетине карайт. Аралдарынын көбү жанар тоо атылууларынан пайда болгон; аракеттеги жанар тоолор (Балби, Багана) бар. Эң бийик жери 2743 *м* (Бугенвиль а-нда). Климаты субэкватордук, өтө нымдуу. Жылдык жаан-чачыны 2300—7500 *мм*. Дарыларынын суусу мол, кыска. Көп бөлүгүн дайыма жашыл токой (пальма, фикус ж. б.) ээлейт; кургакчыл жерлеринде саванна, жээктеринде мангр токою өсөт. Жаныбарлары: келес, жарганат, крокодил, кескелдирик, жылан, алп бака ж. б. Кокос пальмасы, ананас, какао жыгачы, пахта өстүрүлөт. Балык кармалат. Бугенвиль а-нда жез казылып алынат. С. а-н 1568-ж. испан деңиз саякатчысы А. Менданья де Нейра ачкан.

СОЛОМОН АРАЛДАРЫ—Тынч океандын түш. — батышындагы мамлекет. Соломон а-дарынын (ирилери: Шуазёль, Санта-Исабель, Маланта, Гуадал-канал, Сан-Кристобаль, Раннелл, Нью-Жоржия ж. б.) көчүлүк (түш.) бөлүгүн ээлейт. Аянты 29,8 миң *км²*. Калкы 200 миң (1978). Борбору — Хониара ш. (калкы 15 миң, 1978). Табиятын к. *Соломон аралдары* макаласынан.



Калкынын көчүлүгү (94%ке чейин меланезиялыктар, калгандары — полинезиялыктар, микронезиялыктар, европалыктар. Христиан динин тутат. 19-к-дын ортосуна чейин С. А-на европалыктар сейрек келишкен. 19-к-дын аягында аралга Англия өз протекторатын орнотком. 1960-ж. закон чыгаруучу ж-а аткаруучу советтер түзүлүп, 1974-ж. министрлик башкаруу системасы киргизилген. 1976-ж. С. А. ички иштерин өзү башкаруу статусун алган. 1977-ж. сентябрда Лондондо конституциялык конф-я болуп, анда С. А-нын жаңы конституциясынын негизги принциптери иштелип чыгып, ага 1978-ж. 7-июлда көз карандысыздык берүү макулдашылган.

Экономикасын негизинен а. ч. түзөт. Негизги а. ч. өсүмдүктөрү: копра, кокос пальмасы, батат, конок, ананас, банан, какао, шалы, татымалдар. Мал чарбасы бар. Балык кармалат. Айрым районунда токой иштетилет. Боксит, никель, алтын, жездин кендери бар, бирок казылып алынбайт. Жеңил ж-а тамак-аш ө. ж-ларынын айрым ишканалары иштейт. Деңиз транспорту маанилүү. Негизги порту — Хониара. Сыртка копра чыгарат.

СОЛОН (б. з. ч. 640- ж-а 635-жылдар аралыгы — 559-ж. чен) — Байыркы Афинынын саясий ишмери. Ал б. з. ч. 594-ж. бир катар социалдык-саясий реформалар жүргүзгөн. С. дыйкандардын карызын жоюп, карызы үчүн кулга айландырууга тыюу салган. Бардык граждандар тегине карабай, байлыгына жараша 4 топко бөлүнгөн. Ар бир топтун саясий укугу мүлкүнүн көлөмү м-н аныкталган. Бийликтин жаңы органын—«400дөр советин» түзгөн. С-дун реформалары уруулук түзүлүшкө сокку уруп, кул ээлик миленнин өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн. С.— аттикалык алгачкы акындардан.

СОЛОХА — б. з. ч. 4-к-дагы скифтердин дөбө-мүрзөлөрү. УССРдин Запорожье обл-нын Васильевский р-нундагы Чоң Знаменовка кыш-ынын жанында. 1912—13-ж. археолог Н. И. Веселовский изилдеген. Бийикт. 18 *м* дөбө-мүрзөнүн астынан 2 падышанын жайы (кору) ачылган. Алардын бири (ортодогусу) бүлүнүп, экинчиси(капталап жакта гысы) аман калган. Падышанын жанынан өлтүрүлгөн эки кулчанын жайы ачылган. Алардын бири (ортодогусу) бүлүнүп, экинчиси(капталап жактаг

коммунисттер» топторун түзүшкөн. 1920-жылдардын башында С. э. партиясы жоюлган.

Ад.: Ленин В. И., Бошоң революция. — Компромисстер жөнүндө, Чыг., кырг. 1-бас., 25-т.; Бонч-Бруевич В., Убийство германского посла Мирбаха и восстание левых эсеров, Избр. соч., т. 3, М., 1963; Гусев К. В., Крах партии левых эсеров, М., 1963.

СОЛЬ — музыка добуштарынын бири. Диатоникалык до-мажор үн иреттеринин 5-баскычы. С. добушунун тамгалай белгиси латынча — G.

СОЛЬВАТАЦИЯ (лат. solvo — эритем) — эриткичтин молекуласы м-н эриген заттын молекуласы же ионунун байланышы. Суунун молекуласы м-н байланышкан С. гидраттануу деп аталат. С-нын натыйжасында сольваттар пайда болот. Коллоиддүү системаларда С-нын мааниси чоң.

СОЛЬФЕДЖИО (итал. solfeggio, *соль ж-а фа* муз. добуштарынын атынан) — музыка кабылдоону тарбиялоого арналган окуу сабагы. Бир же көп үндүү ыр үзүндүлөрүн ж-а добуш аттарын атап ырдоочу атайын муз. көнүгүүлөр, угуп-кабылдоо б-ча муз. талдоолор, муз. диктант жазуу С. көнүгүүлөрүнүн комплексин түзөт. 2) Негизинен фортепьянонун коштоосунда аткарылчу үндүү тыбыштардан турган атайын вокалдык көнүгүүлөр (СССРде *вокализ* деп да аталат).

СОЛЯРИЙ, аэросолярий (*аэро...* ж-а лат. solarius — күндүү, күнөс) — белгиленген өлчөмдө күн нуруна кактанын дарылануруга ылайыкталган ачык аянтча, к. *Аэротерапия.*


СОМ — рев-яга чейинки Россиянын ж-а СССРдин акча бирдиги. «С.» термини 13-к-да Новгороддо пайда болгон. Сов. биринчи С. 1919-ж. мамл. кредит билети түрүндө чыгарылган. 1921-ж. РСФСРде биринчи күмүш, 1922-ж. алтын баасы 10 сомго барабар кагаз, 1923-ж. 10 сомдук алтын акча (8,6 *г*) чыккан. 1924-ж. пайдалануурга 1, 3, 5 сомдук казына билети ж-а күмүш сом (18 *г* накта күмүш) чыгарылган. 1961-ж. СССРде *акча реформасынан* кийин С-дун алтын өлчөмү 0,987 412 *г* накта алтынга барабар болду. Ички пайдалануурга 1, 3, 5, 10, 25, 50, 100 сомдук казына билети ж-а нейзильбер күймасынан металл С. чыгарылган. Белгилүү даталарга карата эстелик металл 1 сомдук чыгарылып турат.

СОМАЛИ — Африканын чыгышындагы жарым арал. Аянты 750 миң *км*². Көп бөлүгү—орт. бийикт. 500—1500 *м* болгон тепкичтүү плато (эң бийик жери 2406 *м;* Уарсангели-Мижуртин тоосунда). Климаты субэкватордук, түндүгүндө тропиктик. Жылдык жаан-чачыны 100—600 *мм.* Ири дарыялары—Жуба ж-а Веби-Шебели, калгандары мезгил-мезгили м-н агат. Жээктеринде чөл осумдуктору, акациялуу жарым чөл, ички платодо саванна өсөт. Жээк бөлүгүн Сомали Демокр. Республикасы м-н Жибути Респ-касы, ички бөлүгүн Эфиопия эөлейт.

СОМАЛИ, Сомали Демократия Республикасы—Африканын түн.-чыгышындагы мамлекет. Сомали ж. а-нда. Түндүгүн Аден булуңу, чыгышы м-н түш.-чыгышын Инди океаны чулгайт. Батышынан Эфиопия ж-а Кения, түш. - батышынан Жибути Респ-касы м-н чектешет. Аянты 637,6 миң *км*². Калкы 3,09 млн (1974). Борбору — Могадишо (калкы 250 миң, 1973).

С.—респ-ка. 1976-ж. 5-июлдан мамлекет башчысы ж-а Мин. Советинин Пред-ли — президент. Мамл. гербин ж-а мамл. желегин к. *Мамлекеттик герб, Мамлекеттик желек* макалаларынын таблицасынан.

Табияты. Өлкөнүн борб. бөлүгүн бийикт. 500—1500 *м* болгон плато эөлейт. Түш.-чыгышында деңизди бойлой кууш түздүк жатат. Бийикт. 2406 *м*ге чейин. Кен байлыктары: пьезокварц, бериллий, тантал, ниобий, калай, уран-торий, темир ж. б. Климаты экватор-муссондук, кургак, түндүгүндө тропиктик, чөл ж-а жарым чөл. Жылдык жаан-чачыны 100—500 *мм.* Ири дарыялары: Жуба, Веби-Шебели. Дан өсүмдүгү, бадалдуу чөл, тикендүү токой ж-а бадал басымдуу, жери кызыл-күрөң топурактуу. Оазистерде курма, дүм, кокос пальмалары өсөт.




Могадишо ш-нын борб. бөлүгү.

Калкы. Элинин көбү — сомалилер. Офиц. тили — сомали ж-а араб тилдери. Дини—ислам (суннииттер). Орт. жышт. 1 *км*²ге 5 киши. Шаарлары: Могадишо, Бербера, Харгейса, Кисмайо ж. б.

Тарыхы. Адам С. аймагын палеолит доорунан мекендеген. 7—8-к-да Сомали ж. а-на келген мусулман арабдар жерг. калктын дини, тили м-н мад-тынын калыптанышына чоң таасир тийгизген. 12—16-к-да азыркы С. жеринде мусулмандардын Зейла (Адал), Ифат, Хадъя ж. б. султандыктары болуп, 16—17-к-да майда эмирликтерге бөлүнүп кеткен. 19-к-да европ. мамлекеттер Сомали а-н эөлөө үчүн умтула баштаган. 20-к-дын башында Улуу Британия, Франция ж-а Италия жарым аралды өз ара бөлүп, колонияга айландырган.

Өлкөнү империалисттердин болуп алышына каршы жерг. эл Мухаммед бен Абдалла Саид аль-Хасандын жетекчилиги м-н 1899-жылдан 1920-жылга чейин созулган көтөрүлүш м-н жооп берген. Көтөрүлүш 1920-ж. күч м-н басылган. 1960-ж. Улуу Британия м-н Италия колониялары эркиндикке өз болгон соң көз карандысыз Сомали Респ-касы түзүлгөн. Бирок бийликке келген С-нин улуттук бурж. өкмөтү өлкөнү экон. өнүктүрүү, колон. үстөмдүктүн калдыгын ж-а имп. державаларга көз карандылыкты жоюу милдетин чечкен эмес. 1969-ж. 15-октябрда президент А. А. Шермарк өлтүрүлгөн, 21-октябрда аскер төңкөрүшү болуп, бийлик Жог. рев-ячыл советке (ЖРС) өтүп, Сомали Демокр. Респ-касы (СДР) жарыяланган. 1977-ж. С. м-н Эфиопиянын ортосунда куралдуу кагылыштар



болгон. С. м-н СССРдин ортосунда дипл. мамиле 1960-ж. түзүлүп, 1961-ж. соода, экон. ж-а маданий кызматташтык, 1974-ж. достук ж-а кызматташтык ж-догу келишимге, макулдашууга кол коюлган. С.—1974-жылдан Араб мамлекеттеринин лигасына мүчө.

Саясий партиялары, профсоюздары. С. рев-ячыл соц. партиялары, 1976-ж. негизделген. С. профсоюздарынын жалпы федерациясы, 1977-ж. түзүлгөн.

Экономикасы. С.— агрардык өлкө. Экономикасынын негизин а. ч. түзөт. Калкы негизинен мал чарбасында иштейт. 1974-ж. 2,97 млн уй, 3,9 млн кой, 5 млн эчки, 3 млн төө болгон. Айматынын $^1/_3$ бөлүгү а. ч-га жарактуу. Иштетилүүчү жер 1,3—1,5%, шалбаа ж-а жайыт 32%. Ак жүгөрү, жүгөрү, тары, буурчак, күнжут ж. б. өстүрүлөт. Негизги экспорттук өсүмдүгү — банан. Алардан башка бал камыш, пахта эгилет. С. ароматтуу чайыр жыйноо б-ча дүйнөдө маанилүү орунда. Балык кармалат. 1974-ж. 40 млн *квт·с* электр энергиясы өндүрүлгөн. Кант, балык-консерва, эт-консерва, сүт, булгаары, май, самын, текстиль, пахта тазалоочу, металл иштетүүчү ишканалары бар. Кол өнөрчүлүк өнүккөн. СССРдин жардамы м-н эт комбинаты, сүт, балык-консерва з-дору, ГЭС ж. б. ө. ж. ишканалары курулган. Автомобиль жолунун уз. 18 миң *км* (1975). Негизги порттору — Могадишо, Бербера, Кисмайо. Сыртка мал, банан, эт, ароматтуу чайыр ж. б. чыгарып, машина, жабдуулар, транспорт каражаттарын, нефть продуктуларын ж. б. алат. Акча бирдиги — сомали шиллинги.

Эл агартуусу. Көз карандысыздык жеңип алганга чейин калкынын 95% сабатсыз болгон. 1973-жылдан бардык жерде сомали жазуусу киргизилген. 1974—75-ж. сабатсыздыкты жоюу б-ча жалпы улуттук кампания жүргүзүлгөн. 1974-ж. милдеттүү түрдө башталгыч (4 жылдык) билим берүү ж-дө закон кабыл алынган. Башталгыч мектепке 7—8 жаштан кирет. Башталгыч ж-а аралык мектепте (4 жылдык) окуу акысыз. Орто мектеп 4 жылдык. 1975-жылдан 10 жылдык окууга өтүү башталган. 1973—74-окуу жылында башталгыч мектепте 69 миң, орто мектепте 27 миң, кесиптик-тех. окуу жайында 2 миңден ашык окуучу окуган. Могадишодо вет., саламаттык сактоо, индустр., пед. ж. б. коллеждер бар. Жог. билимди Могадишодогу Сомали ун-ти (1954-ж. негизделген) берет. Могадишодо Улуттук китепкана, Улуттук ун-ттин китепканасы, Улуттук музей бар.

Ад.: Хаванов А. М., Сомалийская республика, М., 1961; Воблико в Д., Сомали, М., 1970; Шерр Е., Сомали в борьбе за социалистическую ориентацию, М., 1974.

СОМАЛИ АГЫМЫ—Инди океанынын түн.-батыш бөлүгүндөгү океандык үстүңкү агым, Сомали ж. а-ның чыгыш жээгинде. Агым муссондук шамалдын натыйжасында пайда болуп, багыты сезон б-ча өзгөрүп турат. Кышында темп-расы 25,5—26,5°С; түш., түш.-батышты карай агат; экватордон түштүгүрөөк барганда экватордук каршы агымга өтөт. Жайкы темп-расы 21—25°С. Ылдамд. 1—3 *км/с.*

СОМАЛИЛЕР — Африкадагы Сомали ж. а-нда — Сомали Демокр. Респ-касында, Эфиопияның чыгыш чек ара райондорунда, о. эле Кения, Жибути Респ-касы ж. б. өлкөлөрдө жашаган эл. Жалпы саны 5,5 млн адам (1975). *Сомали тилинде* сүйлөйт. Дини б-ча— мусулман-суннииттер. Жарым аралдын ички аймактарында уруу түзүлүшүнүн элементтери сакталып калган. Негизинен малчылык, дыйканчылык м-н кесиптенишет. Мурдагы Британиялык ж-а Италиялык Сомалидеги улуттук-бошт. күрөштүн натыйжасында 1960-ж. көз карандысыз Сомали Респ-касы түзүлгөн.

СОМАЛИ ТИЛИ—*сомалилердин* тили. С. т-нде сүйлөгөндөр 4,9 млн-го жакын (1973). *Семит-хамит тилдеринин* кушит тобуна кирет. Негизги диалектилери: исаак, иссa, дарод, хавия ж-а дигиль. Жазмасы 1973-ж. латын алфавитинин негизинде түзүлгөн.

Ад.: Жолковский А. К., Синтаксис сомали, М., 1971; Долгопольский А. Б., Сравнительно-историческая фонетика кушитских языков, М., 1973.

СОМДОО — скульптор ишинин жумшак материалдарга (чопо, мом, пластилин) байланышкан алгачкы ж-а негизги процесси. Ал аркылуу эскиз ж-а модель жүзөөгө ашырылат.


СОНАТА (итал. sonare—үн чыгаруу)— музыканын камералык-аспаптык классикалык түрү— үч бөлүмдөн турган циклдүү чыгарма. Кээде циклге менуэт же *скерцо* кошулат. «С.» терминин 16-к-дан белгилүү; адегенде бардык аспаптык пьеса С. аталган. 17-к-дын башында чиркөөлүк ж-а камералык С. деген эки түрү калыптанган. 17-к-да генералбастын коштоосунда 2 же 3 киши аткарчу трио-С. деген түрү таралган. 18-к-дын ортосунда С-нын классикалык типи түзүлө башлап (К. Ф. Э. Бах, Д. Скарлатти), веналык классицизм тушунда (18-к-дын акыры) Й. Гайди, В. Моцарттын чыгылыгында биротоло калыптанган. Л. Бетховендин чыг-лыгында (фортепиано үчүн 32, скрипка ж-а фортепиано үчүн 10, виолончель ж-а фортепиано үчүн 5 С.) С. өзүнүн туу чокусуна жеткен. С-нын өнүгүшүнө Ф. Шопен, Р. Шуман, Ф. Лист, И. Брамс, Э. Григ, орус комп-лорунан А. Скрябин, С. Прокофьев, Д. Шостакович ж. б. кыйла салым кошту. С. кыргыз комплорунун (К. Молдобасанов, Ж. Малдыбаева ж. б.) чыг-лыгында да кездешет.

СОНАТА ФОРМАСЫ — аспаптык музыканын цикласа формаларынын кеңири өнүккөн түрү. Ал 18-к-дагы веналык классиктер Й. Гайди, Л. Бетховен, В. А. Моцарттын тушунда так композициялык нормаларга ээ болуп, 3 ири бөлүмдөн турган: кириш бөлүм (экспозиция), өзгөртүп иштелме ортоңку бөлүм (разработка) ж-а кайталоо (реприза). Кириш бөлүмдө башкы, байланыштыргыч, комокчу ж-а корутунду партиялар болот. Экинчисинде кириш бөлүмдөгү тематикалык материал ыкчам өнүгүп, тоналдуулуктар бири бирин алмаштырат. Кайталоодо кириш бөлүмдүн материалы (башкы ж-а кошумча партиялар бир тоналдуулукка келүү м-н) кайра кайталанат. С. ф. соната-циклдүү чыгылардын *(симфония, соната, трио, квартет* ж. б.) биринчи бөлүгүндө, о. эле увертюра, поэма ж. б-да колдонулат.

СОНЕТ — төрт саптуу эки ж-а үч саптуу эки куплеттен турган 14 сап ыр. Уйкаш иреттери чоң мааниге ээ. Мазмуну, адатта, «тезис — анын оңгүшү—антитезис—синтез» түрүндө берилет. Италияда 13-к-да пайда болгон. А. Дантенин, айрыкча Ф. Петраркanын убагында жакшы өөрчүгөн. 16-к-дан Францияга (П. Ронсар), Англияга (У. Шекспир), Польшага (А. Мицкевич), Россияга (В. Тредиаковский, А. Пушкин) ж. б. өлкөлөргө тараган. И. Бехер С-тин сонун үлгүлөрүн жаратып, теориясын иштеп чыккан. Кыргыз ад-тында С. жазгандар — С. Шимеев, Т. Байзаков ж. б.


СОНО — 1) өрдөк, каз, чулдук сыяктуу суу куштарынын жалпы аты; 2) жапайы өрдөктүн бир түрү; 3) ургаачы өрдөк.

СОҢКӨЛ — *Ички Тянь-Шандагы* көл. Молдо-Тоо, Соңкөл, Боор-Албас тоолорунун аралыгында бийик тоо ороонундө (Соңкөл ороону) деңиз деңг. 3016 *м* бийикте жайгашкан. Нарын д-ның алабында. Аянты 278 *км*² (Кырг-нда аянты б-ча Ысык-Көлдөн кийинки 2-көл), уз. 29 *км*, жазылыгы батышында 18 *км*ге жетет. Көлөмү 2,4 *км*³, орт. терең. 9,2 *м*, эң терең жери 22 *м* (түш.-батышында); чыгышы тайыз (4—5 *м*). Көлдүн түбү тегиз. Көлгө 18 суу (прилери: Ак-Таш, Жаман-Эчки, Өзбек, Каракече, Куртка, Таш-Добо, Кум-Бел, Кумдуу-Суу)



Улуттук театр.

1. Чиймеленип орнамент түшүрүлгөн калебас. Африка музейи. Рим. 2. Баш койгуч. Жыгач. Пигорини музейи. Рим.



кулят. Көлдөн Кажырты суусу агып чыгат. Көл чанагы — антропогендин башталышында тектоникалык кыймылдын натыйжасында ийилген байыркы денудациялык тегиздиктин бир болугу; антропогендеги муз каптоодо айрым жерлеринде моцгу жаткан. Көлдүн пайда болушу орто эсеп м-н 4 миң жылга барабар. Жээк сызыгынын уз. 102 *км*. Түш.-чыгыш болугу тайпайып, саздакка айланып, жалпы аянты 0,325 *км*²ге жеткен аралдарды пайда кылат. Суунун темпрасы жайында 11—12°С, кышында— 3°Сден ашпайт. Ноябрдын башында тоцуп, май айында ачылат. Муздун калыңд. 1 *мге* жетет. Суу агып чыккандыктан көлдүн деңгээли анчейин озгорбойт. Антропоген мезгилинен баштап суу деңгээлинин темендей беришинен жалпы бийикт. түш.-батышында 34,1 *м*, түштүгүндө 11,3 *мге* жеткен тектирчелер пайда болгон. Суунун максимум тунуктугу 7 *м*; тузсуз гидрокарбонаттуу-сульфаттуу-кальцийлүү сууларынын түрүнө кирет. Минералдуулугу 341—446 *мг/л*, чыгышында 249 *мг/л*. Кычкыл ток м-н камсыз болушу 7,7—11,0 *мг/л*. Оңу көгүш. Көлдө камыш, рдест, өлөң чөп, жашыл-күрөң балырлар ж-а биомассасынын запасы 8813,5 *тга* жеткен зоопланктондун 17 түрү кездешет. Кацылтыр, линь, кок чаар, пелядь, сиг, чир, жилингир балыктары ж-а ондатра климатташтырылган. Балык уулоо башталды. Келгин куштар (каз, өрдөк, аңыр ж. б.) көп.

Ад.: Шнитников А. В., Из истории озёр Внутреннего Тянь-Шаня, в сб.: Озёра Казахстана и Киргизии и их история. Л., 1975.

СОҢКӨЛ ӨРӨӨНҮ *Ички Тянь-Шандын* борб. болугундө. Соңкөл, Молдо-Тоо, Боор-Албас кырка тоолорунун ортосунан орун алган. Аянты 1260 *км*². Кендик багыт б-ча 60 *км*ге созулат. Туурасы 15—30 *км*. Таманын *Соңкөл* көлү ээлейт. Өрөөндүн тамаиы деңиз деңг. 2950—3200 *м* бийикте жатат; басымдуу бийикт. 3150—3200 *м*. Неогенге чейинки байыркы денудациялык түздүк. Неоген ж-а антропоген мезгилдеринде ийилип. Соңкөл синклиналын пайда кылган. Делювий ж-а аллювий чокмо тектеринин калың катмары жатат. Жар ж-а Ак-Таш сууларынын аралыгы түзөң, саздак; түш.-чыгышы (Соңкөл, Куртка суулары нын аралыгы) чокмо тектүү тоо этегиндеги түздүк (мында байыркы моцгу кадери сакталган); түш.-батышы түзөң. Өрөөндүн батышында палеогендин ж-а неогендин чопо, гипс, кумдук, гравелит, чыгышында антропогендин чокмо тектери жатат. Климаты континенттик. Жылдык орт. темп-расы — 3,5°С, январдыкы — 20°С, июлдуку 11°С. Жылдык жаан-чачыны 350—400 *мм*. Ири суулары: Ак-Таш, Жаман-Эчки, Өзбек, Каракече, Куртка, Таш-Дөбө, Кум-Бел, Кумдуу-Суу ж. б. Тоолуу шалбаа топурагы, шалбаа ж-а талаа, субальп (2950—3400 *м* бийикте) ж-а альп (3150—3500 *м*) өсүмдүктөрү мүнөздүү. Жапыбарлары: талаа ач күсөңү, түлкү, карышкыр, суур. момолой, тоо эчки ж. б. Кочкор, Жумгал, Тянь-Шань, Ак-Талаа р-ндорунун малдары жайлайт.

Ад.: к. *Соңкөл тоосу* макаласынан.

СОҢКӨЛ СВИТАСЫ — Ортоцку Тянь-Шань бүктөлүү аймагындагы таш көмүр мезгилинде пайда болгон тоо тек катмарлары. 1930—32-ж. М. С. Швецов Соңкөл кырка тоосунан озүнчө болуп, Москванын тегерегиндеги маневко—мураев кабаттары м-н салыштырган. Свита негизинен чопо, сланец, доломит ж-а аки таш тегинен турат. Калыңд. 200—600 *м*. Тоо тектердеги деңиз жаныбарларынан брахиоподдордун ташка айланган калдыктарынын негизинде свитанын геол. жашы таш көмүрдүн турне ярусунун төменкү болугу экендиги аныкталган. Свитада жез, коргошун ж-а цинк кендери бар.

«СОҢКӨЛ» СОВХОЗУ — Нарын облын Кочкор р-нундагы ири чарба. 1932-ж. «Толок» с-зу болуп уюшулган. Ага 1958-ж. бир нече колхоз бириктирилип, «С.» с. аталган. Чарбанын 76 448 *га* жер аянтынын 61 140ы а. ч-га жарактуу ж-а 1718и айдоо (1976). 54 200 кою, 1459 ую, 711 жылкысы бар. 1976-ж. мамлекетке 8564 *ц* эт, 2606 *ц* жүн, 1399 *ц* сүт, башка а. ч. продукциясын тапшырып. 1264 миң сом накта киреше алган. Негизги киреше кой чарбасынан түшөт. Ар койдон 3,8 *кг* жүн, 100 тубар койдон 110го чейин козу алынууда. Совхоздо Соц. Эмг. Баатыры Абдраев Кутубай эмгектенет. Чарба мыкты корсеткүчтөрү үчүн 1970-ж. Кырг-н КП БКнын, Кыргыз ССР Жог. Советинин Президиумунун, Кыргыз ССР Мин. Советинин ж-а Кыргыз Совпрофтун юбилейлик Ардак грамотасы м-н сыйланган.

СОҢКӨЛ ТООСУ Ички Тянь-Шанда, Жумгал ж-а Соңкөл өрөөндөрүн бөлөт. Каракече өрөөнүнөн (батышта) Долон ашуусуна (чыгышта) чейин түндүктү кездей ийилип, 100 *км*ге созулат. Туурасы 9 *км*. Басымдуу бийикт. 3400—3600 *м*, эң бийик жери 3968 *м*. Соңкөл өрөөнүнөн 500—600 *м*, Жумгалдан 1400—1600 *м* бийик жайгашкан. Асимметриялуу, түн. бети тик, түштүгү 6—9°ка жантайган байыркы денудациялык түздүктүн калдыгы. Аска-зоока ж-а моцгу жокко эсе; байыркы моцгулөрдүн издери сакталган. С. т. — гериин тектоникалык буктолуусунда пайда болгон таатаал структура. Кембрийдин эффузив-чокмо, ордовиктин терриген ж-а аларды жирен чыккан гранит-диорит, диорит тектеринен турат. Түш. капталына шалбаалуу талаа, саздак шалбаа ж-а тоолуу субальп (3100—3400 *м*), бийик тоолуу альп шалбаасы (3400—3600 *м*) ж-а гляциалдык-нивалдык (3600 *м*ден жогору), түн. капталынын этегине шалбаалуу талаа, шалбаа ж-а арчалуу токой (2300—2800 *м*) ландшафты мүнөздүү.

Ад.: Чупахин В. М., Физическая география Тянь-Шаня, Фр., 1964; Бассейн реки Нарын, Фр., 1960.


СОҢКӨЛ ЭСТЕЛИКТЕРИ — ад-тта Соңкөлдүн айланасындагы арх-лык эстеликтердин шарттуу аталышы. Алар ар кайсы доорго таандык арх-я лык эстеликтерден турат: б. з. ч. 3-кдагы дөбө-мүрзөлөр (айрымдарынын бийикт. 10,5 *м*), түрк доорунан калган балбалдар, жаныбарлардын ташка чегилген сүрөттөрү. С. э-нин арасында Манастын ысмы м-н байланыштырылган элге кецири белгилүү таш тулга, Аккуланын акыры аталган таш бар. С. э-ндеги 1—4-к-га таандык дөбө-мүрзөлөрдү (айрымдары казанактуу), түрк балбалдарын 1955-ж. А. К. Кибиров ж-а Я. А. Шер изилдеген. Мүрзөлөрдөгү олуктөрдүн жанынан жыгач табак, темир бычак, канжар, жаа, темир жебелер ж-а койдун сөөктөрү табылган.

СОҢКУ ЖАЦЫ ТАРЫХ — дүйн. тарыхтын марксчик тарыхый илимде кабыл алынган бир доору. Ал Улуу Окт. Соц. рев-ясынан (1917) башталат.


СООГА, соогат — жоокерчилик мезгилинде чабуулдан, кийин мергенчилик, мелдеш, байгеден түшкөн олжонун жыйыштырылып таратылуучу азыноолак болугу, шыбага.

СООДА — товар жугуртүүнү, аны өндүрүү чейресүнөн керектөө чейресүнө жеткирүүнү камсыз кылуучу эл чарба тармагы. Бир мамлекеттин башка мамлекеттер м-н соодасы (импорт, экспорт) *тышкы сооданы*, мамлекеттердин өз ара соодасы *эл аралык сооданы* түзөт. Бир мамлекет ичинде С. коомдук зарыл ишти — товарды керектөөчүгө жеткирүүнү аткарат. Ал дүң ж-а чекене соодага болунөт. С-нын мүнөзү ж-а ролу үстөм өндүрүшкмасы м-н аныкталат.

С. *алгачкы общиналык түзүлүштүн* ыдыроо мезгилинде, эмгектин коомдук болунүшүнөн ж-а товар — акча катышынын пайда болушунан чыккан. Натуралай чарба үстөмдүк кылган кул ээлик ж-а феод. коомдордо тышкы С. басымдуулук кылган. Феодализмдин ыдыроо мезгилинде тышкы С. ж-а *дүйнөлүк рынокгун* пайда болушу *товар өндүрүшүнүн* өсүшүнө шарт түзгөн. Европада С. өнүккөн феодализм доорунда (11—15-к.) өтө тез өскөн. Американын ж-а Индияга баруучу деңиз жолунун ачылышы эл аралык С-нын өнүгүшүнө түртку болгон. 16—17-к-да Европада товар өндүрүшүнүн ж-а ички рынокгун түзүлүшүнүн негизинде ички С. өнүгө баштаган. С-нын өнүгүшү капитализмдин түзүлүшүнө өбөлгө болгон. Капитализм шартында *соода капиталы* ө. ж. капиталынын өзгөчө болугу түрүндө болгон. Капит. С-нын бардык түрү эң жог. пайда алууга багытталат. Капитализмдин өнүгүшү м-н С-да да ө. ж-дагыдай эле капитал борборлоштурулуп топтомдолот. Империализм доорунда бул процесстер С-да ири соода





СССР монолитинде. 11. Монолитке орнотуу. 12. Контейнерлей ташып келинген Амур д-ның көрүнүшү. 1. Бүгүлар жайытта. 4. Керск двигателинде «Пазик» шасси. 5. Ак-Буура өрөөнү. 6. Алтын-Арашан өрөөнү. 7. Ак-Суу өрөөнү. 8. Суусамыр өрөөнүндөгү Ала-Бука шаарчасы. 9. Сибирдин түн. чыгышындагы Ойдо-Ок бассейнинде. 10. Тумен-Кум каналы. 11. Кара-Кум каналы. 12. Крыловдун түш. жээги, экинчи планда Людвг тоосу. 13. Узенге Жетпесы тоосунун түзүлүшү. 14. Кара-Кум каналында. 15. Крыловдун түш. жээги, экинчи планда Людвг тоосу. 16. Тумен-Кум каналы. 17. Дагы Ивдель д-ның өрөөнү.


1


2



4


3



5



6



7



8


СССР макаласына. 1. Казак ССРи. «Эмгек туусу» к-зунда эгин оруп-жыйноо. 2. Грузин ССРи. Чай жалбырагын жыйноо. 3. Белорус ССРи. Могилёв обл-нын Мстислав р-нундагы «КПССтин 21-съезди» к-зунун чочко фермасы. 4. Липецк обл-ндагы «Октябрдын 50 жылдыгы» с-зунун сүт-товар комплекси. 5. Украин ССРи. КПССтин XXII съезди атн. к-здо кант кызылчасын жыйноо. 6. Өзбек ССРи, Акмалай Икрамов атн. к-здо пахта жыйноо. 7. Молдаван ССРи. «Гүлдөген Молдавия» совхоз-заводунун жүзүм плантациясы. 8. Кыргыз ССРи. «Жеңиш» к-зунун кой чарба комплекси.


1


2


3


4




5


6



7


8

СССР макаласына. 1. «Нижневартовскнефть» башкармасынын нефть сордуруп куюштуруу станцияларынын бири. 2. О. Азия—Борбор газ жүргүчүнүн газды төменкү темп-рада сепарациялоо установкасы. 3. Тюмень камвол-нооту комбинатынын ийрүү цехи. 4. «Сургут—Уренгой» участкасында т. ж. полотносун төшөө. 5. «Экибастузуголь» комбинатынын «Богатырь» көмүр карьери. 6. Братск токой е. ж. комплекси. 7. Волга автомобиль з-дунун жыйноо цехи. 8. Саратов авиация з-дунда Як-40 самолётун жыйноо.






СССР макаласына. 1. Свердловск ш. Эмгек аянты. 2. Орёл ш. Вокзал аянты. 3. Нижнекамск ш. Курууучулар проспектиси. 4. Тольятти ш-нын жаңы курулган бөлүгү. 5. Улан-Удэ ш. Жеңиш проспектиси. 6. Владивосток ш. Жаңы турак жай району. 7. Иркутск ш. «Ангара» мейманканасы. 8. Чита ш. В. И. Ленин атн. аянт. 9. Астрахань ш. 10. Казан ш. Бауман көчөсү. 11. Ташкен ш-нын бир бөлүгү.














СССР макаласына. 1. К. С. Петров-Водкин, «Серафиманын кызы», 1926. 2. М. Б. Греков, «Кызыл аскер сүрөтү» 1923. 3. А. А. Дейнека, «Орттелген нышана», 1942. 4. Г. Гавалов, «Кыялдар», 1961. 5. А. С. Осташов, «Сабатсыздыкты жоюу», 1963. 6. Б. И. Пророков, «Эне», 1956—57. 7. Ю. И. Микенас, «Биринчи космонавттер», 1964. 8. А. Е. Макёнок, «Трибуналга сепилгенден кийин». 9. Жунаев атн. Беларус театры, 1971. 10. М. А. Ашрафи. «Сүйүү жана кылыч» балетинен көрүнүш. А. Гавалов атн. Өзбек опера жана балет театры, 1979. 11. У. Гажибеков. «Көр уулу» операсынан көрүнүш. М. Ш. Ахундов атн. Азербайжан опера жана балет театры, 1937. 11. Көшөгөлүү фильминин кадр, реж. Ю. И. Озеров, 1970—71.



















Скульптура макаласына. 1. Лапифтиканын башы. Олимпиядагы Зевс храмынын батыш фронтонундагы скульптура фрагменти. Мрамор. Б. з. ч. 468—476. Олимпия музейи. 2. «Самофракий Никасы». Мрамор. Б. з. ч. 4-же 2-к. Париж. Лувр. 3. Боробудур. Будда статуясы. Индонезия. 4. Микеланжело. «Давид». Мрамор. 1501—1504. Флоренция Асем онор академиясынын галл. 5. И. П. Мартос. Минин менен Пожарскийдин эстелиги. Кола, гранит. Москва. 1818. 6. И. Д. Шадр. Таш — пролетариат күчтүү. Кола. 1927. 7. С. Т. Конёнков. Акын Б. В. Маяковскийдин портрети. Кола. 1947. 8. С. М. Манухина. Чоң Чуй каналын куруучу аял. Фрагмент. Кола. 1941. 9. Т. Садыков. СССР эл арт. Д. Кулуевдин портрети. 1963.



Роза макаласына. Роза сорттору: 1 — Глория Дей; 2 — Суперстар; 3 — Саспенс; 4 — Куин Элизабет; 5 — Пикадило; 6 — Гожар.



1




2



3



4



5



6

1. Сары-Челек көлү. 2. Соңкөл. 3. Суусамыр өрөөнү. 4. Тескей Ала-Тоо. Түргөн-Ак-Суу. 5. Түш.-Батыш Тянь-Шань Чаткал өрөөнүнүн башындагы Кара-Токо аймагы. 6. Сары-Жаз өрөөнү. Семёнов мөңгүсү.

конополияларынын түзүлүшүнө алып келет. Дүң С-да ири фирмалар пайда болот. Чекене С-да соодалоонун жаңы түрү пайдаланылат: *универмаг, универсам*, соода борбору, супермаркет, соода автоматтары ж. б.

Социализмде С. капит. С-дан түп тамырынан айырмаланат. Ал планга ылайык өнүгүп, эмгекчилердин кызыкчылыгын көздөйт. *Мамлекеттештирүү* м-н катар эл керектөөчү маалымат товарларды соодалоого мамл. конополия киргизилген. Соц. С.—маар м-н айыл-кыштактын экон. байланышынын негизги формасы, жүкүчү табы м-н дыйкандардын союзун чыңдоонун зарыл шарттарынын бири. СССРде мамл., кооперация ж-а колхоз секторлору болгонуна байланыштуу С-нын үч формасы болот: мамл., кооперация ж-а колхоз рыногу. С-нын прогресстик ыкмаларын өзгөштүрүү (өзүн өзү тейлөө, үлгү б-ча, элдин заказы б-ча, үйүнө түшүрүп берүү, кредитке сатуу, автоматтар м-н ж. б.) калкты тейлөөнүн мадыл ж-а ыкчам түрлөрүнүн экон. пайдалуулугун арттырууда.

Лит.: Ленин В. И., Россияда капитализмдин өнүгүшү, Чыг., кырг. 1-бас., 3-т.; Лященко П. И., История народного хозяйства СССР, т. 1—2, 4 изд., М., 1956.

СООДА АВТОМАТТАРЫ—сатып алуудан акыны (тыйын, жетон) алгандан кийин товар берүүчү түзүлүш. Мында бардык жумуш аткаргычтар ж-н жардамчы процесстер ж-а кыйыл өз алдынча болот. С. а. өлчөмү пичпирээк (мис., кондитер азыктары, тамеки, ичимдик, сүт азыктары), парфюмерия аз, калкка кеңири керектүү товарларды сатууда колдонулат. С. а-на жарым автоматтар да кирет. Байыркы грек илимпозу Герон Александрийскийдин «Пневматикасында» (б. э. ч. 1-к.) «каспеттүү» сууну сатуучу ж-а храмдарда колду жуугуч автоматтык түзүлүш ж-дө жазмалар кездешет. 17-к-дын башында Англияда тамекинин үлүштөп сатуучу түзүлүш болгон; 1851-ж. Лондондогу бүткүл дүйнөлүк ө. ж. көргөзмөсүндө ичимдик сатуучу автомат демонстрацияланган. СССРде С. а-н сериялык чыгаруу 1956-жылдан башталган. С. а. үлүштөп (сүюк ж-а чубурма продуктуларды сатуучу) ж-а дааналай таңгакталган товарларды сатуучу автомат болуп бөлүнөт. Түрдүү типтеги шкафтуу, панелдүү, витрина-автомат ж. б.) С. а-нын негизги түйүндөрү: товар салгыч ж-а ташыгыч түзүлүш, үлүштөгүч (дозатор), бергич ж-а акы механизми. Газдалган суу, кофе сата турган автоматтар аларды далдай турган түзүлүштөр м-н жабдылган. Тез бузулуучу ж-а муздак ымыркайларды сатыкч автоматтарда музсатыкч установка, ысык азык сатыкча ысытыкч элементтер орнотулат.

СООДА КАПИТАЛЫ — товардын айланыш чөйрөсүндө колдонулуучу капитал. С. к-нын жүгүртүү А—Т—А′ формуласы м-н туюнтулат. А — айлануга кетирилген акча, Т — товар, А′ — акчанын өсүш суммасы. С. к. сүткөр капиталы сыяктуу кул эмгек түзүлүштө эле бар болчу. Анын түзүлүшүнө товар ж-а акчанын жүгүртүү шарт түзгөн. Капиталдын алгачкы жыйылышында С. к-нын зор маанисин болгон. Капитализмде С. к. өз алдынчалыгын жоготуп, анын функциясы ө. ж. капиталын тейлөө м-н чектелет. Ө. ж. эмгеги товарын өзү сатуунун ордуна аны далдалчы—соода капиталистине берип, капиталынын айланышын тездетет, бул пайданын көбөйүшүнө алып келет. Соода-сатык операциясынан ж-а чыгымынан бошонгону үчүн ө. ж. эмгеги жумушчу пайда кылган кошумча наркты бир аз бөлүгүн соода капиталистине кечет, бул бөлүк соода пайдасын түзөт. Анын деңгээли орто пайданын нормасы ж-а тең өлчөмдөгү капиталдын катышы м-н чегелет. Кошумча пайда көрүү максатында соода капиталисти бааны кымбаттатып, сапатсыз товар сатат, майда товар өндүрүүчүнүн эсебинен байыйт. Товар сатууну өндүрүштөн ажыратуу м-н С. к. капит. кеңири кайталанма өндүрүштүн каршылыгын күчөтөт.

СООДА ПАЙДАСЫ — товарды реализациялоодо түшкөн пайда. Капит. товар өндүрүшүндө С. п. жалданма эмгектин негизинде түзүлүп, кошумча наркты бөлүгү катары эсептелет да, аны капиталисттер ыйгарып алышат. Мында товар өз наркынан жог. баада сатылат. С. п. өнөр жай ж-а соода капиталисттеринин ортосундагы кошумча наркты бөлүштүрүү продуктусу болуп саналат. Империализм түшунда соода монополиясы жог. пайда табуу үчүн *монополия баасын* пайдаланат. Соц. коомдо С. п. социалдык-экон. табияты ж-а мүнөзү б-ча айырмаланат да, соц. соода ишканасынын иши жалпы эл чарба планынын чегинде жүргүзүлөт. С. п. соц. мамл. бааның нарктан пландуу ж-а балансташуу айырмачылыгынан түзүлөт. С. п. сооданын өнүгүшү ж-а материалдык тиричиликти жакшыртуу фондусун түзүү үчүн пайдаланылат.

Лит.: Маркс К., Капитал, Маркс К., Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 25, ч. 1, гл. 17.

СООДА ПАЛАТАСЫ — өлкөлөр ортосундагы экон., өзгөчө *тышкы соода* байланышынын өсүшүнө шарт түзүүчү коомдук уюм. Ар бир өлкөнүн С. п-ның укуктары уставында аныкталат. Устав анын башкаруу органдарын ж-а милдеттерин белгилейт. Улуттук С. п-нан тышкары аралаш С. п. (эки өлкөнүн ишкер чөйрөлөрүн бириктирет, мис., Чехосл-ялык—Сов., Франц.—Сов.) да болот. Соц. өлкөлөрдө С. п. көргөзмөлөр уюштурат, эл аралык көргөзмөлөргө катышат, товарга *сертификат* берет, сапатын текшерет ж. б. Капит. өлкөлөрдө С. п.—соода ж-а ө. ж. чөйрөлөрүнүн биргелешинин бир формасы. С. п-ның милдеттерине соода ж-а ө. ж-да коньюктураны айкындоо, рынок табуу, өз мүчөлөрүн экономика б-ча маалыматтан туруу ж. б. кирет. Монополиялык бирикмелер С. п-н өз кызыкчылыгы үчүн кеңири пайдаланат. Эл аралык С. п. 1920-ж. негизделип, 1975-ж. 88 мамлекет мүчө болгон. Ал ар кайсы мамлекеттердин соода шартынын жакшыруусуна, экон. проблемаларынын чечилишине жардам кылат. Турган жери — Париж. СССР, БЭР, ВЭР, ПЭР, РСР, ЧССР ж-а ГДРдин өкүлдөрү анын конгрессине байкоочу катары эл аралык С. п. м-н соц. мамлекеттердин С. п-ның байланышы жөнүндө Атайын комитеттин ишине катышат.

СООДА СТАТИСТИКАСЫ — статистиканын соода ишиндеги көрүнүштөрдү ж-а процесстерди изилдөөчү тармагы. С. с. дүң соода м-н *чекене сооданы* талдайт. Рев-яга чейинки Россияда С. с. дээрлик жок болгон. Сов. С. с-нда дүң соода отчёт балансын түзүү жолу м-н иликтелет. С. с. товар ресурстарынын соода мекемелерине түшүшүн, элге сатылуучу товардын жалпы көлөмүн, чекене соодадагы товар үлүшүн аныктайт. С. с. аркылуу камдалуу товар м-н айрым товардын көлөмү таталат. Бул соода уюмдарынын товар м-н камсыз болушун айкындоого шарт түзөт. Мамл. ж-а кооперация соодасында баа статистикасы көрүнүктүү орун ээлейт. С. с-нын негизги бөлүгүнүн бири — коомдук тамак-аш статистикасы. С. с-на даярдоо статистикасы, колхоз базарынын статистикасы да кирет. С. с-нда сооданын материалдык-тех. базасы: адистештирилген соода тармагынын, складдарынын саны, сыйымдуулугу, сооданын жабдылышы, соода кызматкерлеринин саны, адистиги, эмгек өндүрүмдүүлүгү ж-а эмгек акы деңгээли аныкталат. СССРде С. с. соода уюмдарынын отчёт маалыматтарына негизделет. Бул иште республикада Кыргыз ССР Мин. Советине караштуу Борб. статистика башкармасы жүргүзөт.

СООДА ЭКОНОМИКАСЫ СССРде — экон. илимнин эл керектөөчү товарларды соодалоонун өнүгүү закон ченемин изилдөөчү тармагы. С. э. товар өндүрүүгө сооданын таасирин, товар жүгүртүүнүн өсүшү м-н сооданын материалдык-тех. базасынын өнүгүшүнүн ортосундагы катнашты, товар запасынын товар жүгүртүүнүн ылдамдыгы ж-а көлөмү, ө. эле ассортимент структурасы м-н байланышын изилдейт. Коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу, чарба жүргүзүүнүн ил. методун ж-а элди мыкты тейлөө милдетине жараша С. э. сооданы башкаруу, пландоо ж-а экон. стимулдоо маселелерин иликтейт. Ал танапташ илимдер — эл чарбасын пландоо, экон. география, статистика, ө. жай, а. ч., транспорт экономикасы м-н байланыштуу. С. э-нын теориялык ж-а практикалык маселе-

лери «Советская торговля» газетасында ж-а «Советская торговля», «Советская потребительская кооперация», «Новые товары» журналдарында чагылдырылат.

Ад.: Григорьян Г. С., В. И. Ленин о торговле, М., 1969.

СООЛУК — беш жашка караган тубар кой, к. *Кой*.

СООТ — жоокердин согуш кийими. Ал ок, найза, кылыч ж. б. согуш куралдарынан сактануу максатында болот шакекчелери бири бирине чиркелиштирилип, койнок формасында согулган. С. алгач Ассирияда пайда болгон. Байыркы римдиктер, сарматтар ж. б. колдонгон. О. кылымда чыгыш элдеринде да (арабдарда, айрыкча Персияда, О. Азияда) кеңири тараган. 9—10-к-да орустарда болгон. Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү арх-ялык табылгаларга караганда кыргыздардын ата-бабалары С-ту 5-к-га чейин эле билишкен. Кыргыздарга С. белгилүү болгондугун эпостор да күбөлөйт. Муну кийинки кылымдарга таандык архялык табылгалар далилдейт.

СОПКА (геоморфологияда) — Каз-н, Забайкалье, Ы. Чыгыштагы дөбөлөрдүн ж-а тегерек чокулуу тоолордун жалпы аты; Камчатка ж-а Курил аралдарындагы жанар тоолор (Ключ жанар тоосу, Авача жанар тоосу ж. б.) ж-а Крым м-н Кавказдагы баткак жанар тоолору да С. деп аталат.

СОПЛО (чорго) — суюктуктарды же газдарды керектүү ылдамдыкка чейин күчөндүрүүчү ж-а ал агымды белгилүү багыт б-ча жиберүүчү атайын профилдеги жабык канал. С. — газ ж-а суюктук агымдарын пайда кылуучу түзүлүш. С-нун туурасынан кесилиши тик бурчтук (жалпак С.), тегерек (окко симметриялуу С.) же ар кандай формада (мейкиндик С-су) болушу мүмкүн. С. буу ж-а газ турбиналарында ракета ж-а аба-реактивдүү кыймылдаткычтарда, газ динамикалуу лазерде, магнит-газ динамикалуу установкада, аэродинамикалык түтүктө, хим. технологияда, агымдуу аппараттарда, чыгым өлчөгүчтөрдө, үйлөмө процесстерде ж. б-да кеңири колдонулат.

СОПОЛИМЕРЛЕР — макромолекуланын составында бир нече *мономерлер* бар полимерлер. Регулярдуу С-де мономердин звенолору мезгил-мезгили м-н кайталанып турат, мис., стирол м-н малеин ангидридинен алынган С. ABABAB... принцибинде түзүлгөн (А ж-а В — ар башка мономерлердин звеносу). Регулярдуу С-ге кээ бир белоктордун молекуласы тиешелүү. Регулярдуу эмес С-дин молекуласында мономерлердин жайгашуусу кокусунан болот. Мындай С-ге көпчүлүк синтет. С. тиешелүү. Жаратылышта кезигүүчү нуклеин к-таларынын ж-а көпчүлүк белоктордун молекуласы да регулярдуу эмес С. Ар түрдүү мономерлердин звенолорун айкалыштыруу жолу м-н комплекстүү каспетке ээ С-дин макромолекуласы алынат.

Ад.: Энциклопедия полимеров, т. 1—2, М., 1972—74.

СОПРАНО (итал. sopra — үстүнкү дегенден) — 1) эң жог. *регистрде* (ички, бийик) ырдалчу ырчы үнү. Диапазону: до^1—до (ре—фа)^3. Аллдар м-н балдарга мүнөздүү.

СОПУ (ар. суф — жүн күрмө, суфи — жүн күрмө кийген адам) — 1) шарият жолундагы такыба адам; 2) ислам-дагы мистикалык-аскеттик багыт — суфизмдин жолун жолдоочу (к. *Суфизм*). С-ларга өзүн өзү кармай билүүчүлүк, такыбалык, момундук, зайыттык, дербишчилик, аскетизмди дацазалоо мүнөздүү. Алар элге да ушуларды үгүттөшкөн. С-лар эч жерде иштешпестен, элди алдоо м-н күн көрүшкөн. Ушундан улам кыргызда «Сопу согон жебейт, жесе кабыгын койбойт», «Ууру карыса, сопу болот» сыяктуу макал-лакаптар бар; 3) азан айтуучу мечит кызматкери.

СОПУ-КОРГОН — Ош обл-ныи Алай р-нундагы Алай айыл советине караштуу кыштак. «Алай» с-зунун аймагында. Райондун борбору Гүлчодон 42 *км* түш. тарапта. Ош т. ж. станциясынан 124 *км*. Калкы 1781 (1979). Орто мектеп, сегиз жылдык мектеп-интернат, клуб, китепкана, оорукана бар.

СОРБИТ (металл таануу да) — *болот* ж-а *чоюндун* структуралык түзүүчүлөрүнүн бири; *перлиттин* дисперсиялык түрү — *феррит* м-н *цементиттин* эвтектоиддүү аралашмасы. Англис илимпозу Г. К. Сорбинин (1826—1908) ысмынан аталган. С. *аустенитти* 650°Сге жакын темп-рада болуп-ажыроосунан түзүлөт. С. катуулугу, бекемдиги ж-а согуу илээшкектиги жагынан перлиттен жогору турат. Чыңалтуунун ж-а жог. темп-рада жашытуунун натыйжасында түзүлгөн айрым феррит-карбиддүү аралашмалар жашытылган С. деп аталат.

СОРГО (Sorhum) — дан өсүмдүктөр тукумундагы бир же көп жылдык өсүмдүк. 50чө жапайы ж-а эгилме түрү Азия, Африка, Түн. ж-а Түш. Америка, Европа, Австралияда өсөт. Сыртқы түзүлүшү жүгөрүгө окшош.



Тамыры жерге 2—2,5 *м* терең кирип, кургакчылыктан сактайт. Сабагы тик, бийик. 0,5—7 *м*ге жетет. Жалбырагы тасма сымал, уз. 30—80 *см*. Шыпырги гүлдүү. 1000 данынын салм. 5—32 *г*. Эл чарб. маанисин б-ча дандык, канттык ж-а тех. (негизинен шыпырги) болуп болүнөт. Кургак дан-ынын 61—68% крахмал, 7,8—16,7% белок, 1,7—6,5% май. Канттык С-ну сабагында 18% кант болот. С. көбүнчө дан ж-а тоют өсүмдүгү катары баалуу. Данынан ун, акшак алынып, спирт, крахмал ж. б. жасалат. Сабагынан кагаз, картон, шыпыргы, сомо буюм даярдалат. Айрымдарынан тери кызыл боёгу алынат. Мекени — Африка, Индия, Кытай. СССРде О. Азия респ-каларында, Каз-н, Волга бою, Түш. Украина, Молдавияда эгилет. 1 *га* жерден 25—30 *ц* дан, 300—400 *ц* көк бакал алынат. Мыкты сорттору Талаалык 5, Кубань кызыл 1677, Сарваш, Кытай янтары 813 ж. б. Зыянкечи: С. бити ж-а көпөлөгү. Илдети: кара көсөө, сабак чиригн, тамыр чиригн, бактериоз.

Ад.: Демиденко В. Г., Сорго, М., 1957.

СОРГУЧ КУРТТАР — организмде металлик м-н жашоочу жалпак курттардын 2 тобунун аты. Денелери жалпак келип, соргуч органдары болот. Нерв системасы нерв түйүндөрүнөн турат. Ичегиси бир же эки түтүкчөлүү. Өөрчүшү түз же аралык эөлери аркылуу өтөт. С. к. *трематоддор* ж-а *моногенеддүү соргучтар* классына бөлүнөт.

СОРОРАТ (лат. soror — эже же сиңди) — бир эле эркектин уялаш, ата-тасы же эненси бир эже-сиңдилер м-н никелешүү салты. С-ты биринчи Л. Г. *Морган* жазган. Термин-ди илимге Америка, Азия, Океания, Африканын бир топ элдеринен С. жө-дө маалымат чогултkан англ. этнограф Ж. Фрейзер киргизген. Окумуштуулар С-ты топ никенни калдыгы деп эсептешет. Таптык көомдо С-ты айрым башка көрүнүштөрү (мис., жесир эркек м-н балдызынын же кайы эженнин никелешүүсү) сакталган С. Окт. соц. рев-ясына чейин О. Азия элдеринде, ошонун ичинде кыргыздарда болгон (к. *Ника*).

СОРПО, шорпо — суюк бышырылган эттин ширеси. Эт 1,5—3 саат кайнап бышканча анын ширеси, маңызы, майы С-суна чыгат. Куйкаланган эт, баш-шыйрак, черчөө кошулуп бышырылган эттин С-су куйкум С. делет. С. эттен мурун да, кийин да ж-а эт же нарын м-н аралаш (айрым жерлерде ага нан тууралып) да ичилет. Бир аз эт майда тууралып, курулуп, коруштар кошулуп жасалган суюк аш куурма С. аталып, көбүнчө нан м-н ичилет.

Ад.: Борубаев Т., Кыргыз тамагынын. Фр., 1976, 15—18-б.

СОРТ, к. *Өсүмдүк сорту*.

СОРТ ЖАҢЫРТУУ — эгилме өсүмдүк сортунун үрөнүн мезгил-мезгили м-н алмаштыруу. Сорт чарб., биол. касиетин начарлатып, түшүмү азайып, илдет, зыянкечке ж-а чөйрөнүн ылайыксыз шартына туруксуз боло баштаганда муктаждыкка жараша 4—5 жылда бир жаңыртылат, к. *Үрөнчүлүк*.

СОРТ РАЙОНДОШТУРУУ — а. ч. өсүмдүгүнүн мыкты сортун таңдап алып, аны өстүрүүгө ылайыктуу аймакты таңдоо ж-а жайгаштыруу. СССРде С. р. сорт сыноо участкасынын сунушу негизинде жылына жүргүзүлөт. Аны СССР а. ч. мин-восунун А. ч. өсүмдүгүнүн сортун сыноо б-ча мамл. комиссия башкарат. Жерг. шартка байланыштырылган, түшүмдүүлүгү, үрөн сапаты, илдетке ж-а зыянкечке туруктуулугу жагынан эски (стандарт) сорттон артык, сорт сыноодон өткөн мыкты сорттор м-н гибриддер таңдалат да, мурдагыларына кошумча претинде же сорт жаңыртуу үчүн райондоштурулат. СССРде 1976-ж. 4915, Кырг-нда 300 жаңы сорт ж-а гибрид эгилген.

СОРТ СЫНОО — а. ч. өсүмдүктөрүнүн сорту м-н гибридин бирдей шартта стандарттуу сортко салыштырып таңдоо, баалоо ж-а эгүүгө жарамдуулугун аныктоо. СССРде С. с. станциялык ж-а мамл. болуп жүргүзүлөт. Станциялык С. с-до сорт чыгарылган мекеменин талаасында 2—3 жыл, отпол эле убакта колхоз-совхоздордо 1—2 жыл эгилип, текшерилет. Мамл. С. с. кеңири тармактуу конкурс катары жүргүзүлөт. Аны *сорт сыноо участкасында* СССР а. ч. мин-восунун А. ч. өсүмдүгүнүн сортун сыноо б-ча мамл. комиссия өткөрөт. Мында стандарттуу сорттун түшүмдүүлүгү, вегетация мезгили, кышка, кургакка, илдетке, зыянкечке чыдамдуулугу ж. б. касиеттери талдалат. СССРде мамл. С. с. 1923-жылдан башталып, бул иш улам өсүүдө. Сыноодон өткөн эң сапаттуу, түшүмдүү, жерг. шартка чыдамдуу сорттор чарбаларга таратылып, эски сорттор алмаштырылып турат.

СОРТ СЫНОО УЧАСТКАСЫ мамлекеттик — а. ч. өсүмдүгүнүн сортун, гибридин сыноо ж-а сорт райондоштуруу иштин жүргүзүүчү мекеме. Ал колхоз-совхоздордун, тажрыйба чарбаларынын базасында же өзүнчө уюштурулат. Коюз өсүмдүк үчүн 3—5 *га*, дан эгини, жашылча ж-а тех. өсүмдүктөрүнө 40—100 *га* жер бөлүнөт. С. с. у. түрдүү өсүмдүк сортун сыноочу комплекстүү ж-а бир түрдүү өсүмдүк сортун сыноочу атайын болуп айырмаланат. Агротех. С. с. у-нда сорт сыноо м-н бирге сорт жакшыртуу жүргүзүлөт. С. с. у-ның ишин СССР а. ч. мин-восунун А. ч. өсүмдүгүнүн сортун сыноо б-ча мамл. комиссия башкарат. 1976-ж. СССРде 1500дөн ашык., Кырг-нда 28 С. с. у. иштеген.

СОРТТОГУЧ МАШИНА — перфорациялык эсептегич комплекттин перфорацияланган карталарды өзүнчө белгилери б-ча автоматтык түрдө бөлүштүрүп, жайгаштыруучу (сорттоочу) негизги машиналарынын бири. Белги коду перфокартага көзөнөктүн түрүндө түшүрүлөт. Сорттоо учурунда С. м. белги кодун эсептеп, перфокартага дал келген код цифраларын топтойт. С. м-нын негизги түйүнү ж-а механизми: перфокарта берүүчү механизм, эсептегич түзүлүш, сорттоочу механизм ж-а сорттолгон перфокарталар топтолуучу 13 чөнтөкчө. Сорттоонун тездиги — электр-мех. машинада минутасына 400—500 карта-дан (мис., СССРде кеңири колдонулуучу С45-5М ж-а С80-5М машиналары), электрондук машинада 2000 перфокартага чейин.

СОСЛОВИЕ — адамдардын экон. ж-а укук абалы б-ча айырмаланган социалдык тобу: капитализмге чейинки (кул эәлик, айрыкча феод.) коомго мүнөздүү. С-ге бөлүнүү таптык түзүлүшкө байланыштуу. С-нин калыптануусу мүлктүк, укуктук ж-а белгилүү сословдык милдеттин (аскердик, диний, кесиптик ж. б.) чыңдалышына байланыштуу ар кайсы коомдо ар башкача түзүлгөн. Феод. коомдо артыкчылыкка ээ жог. С-ге дин кызматчылары (биринчи С.) ж-а ак сөөктөр (экинчи С.), ал эми артыкчылыкка ээ эмес салык төлөгөндөр төмөнкү С-ге (к. *Учунчу сословие*) кирген. С. бурж. мамлекеттерде формалдуу түрдө жоюлса да, анын айрым калдыгы азыр да сакталууда (мис., Улуу Британияда лорддор палатасы). СССРде С-ге бөлүү БАК ж-а ЭКСтин декрети боюнча 1917-ж. 10(23)-ноябрда жоюлган.

СОСНОВКА — Калининград р-нундагы Сосновка айыл советине караштуу кыштак. Крупская атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Кара-Балта ш-нан 25 *км* түш.-чыгыш тарапта. Фрунзе — Ош автомобиль жолунун боюнда. Кара-Балта т. ж. станциясынан 22 *км*. Калкы 4796 (1979). Фетр буюмдарын жасоочу ф-ка, үй-тиричилик комбинатынын бөлүмү, орто мектеп, мад-т үйү, 2 клуб, 3 китепкана, оорукана, медпункт, балдардын учук санаторийи — мектеп-интернат бар. С. 1914-ж. орношкон.

СОССЮР Фердинанд Монжин де (26. 11. 1857, Женева — 22. 2. 1913, Вюфлан-сюр-Морж) — швейцариялык тилчи. 1891-жылдан Женева ун-тинин проф. «Инди-европа тилдериндеги алгачкы үндүүлөр системасы жөнүндө мемуар» (1879) деген эмгеги м-н бүткүл дүйнөгө таанылган. Литва тилинин акцентологиясы б-ча изилдөө иштеринде Ф. Ф. *Фортунатов* м-н бир мезгилде, бирок аны м-н байланышсыз туруп, балтика, славян тилдеринин басымын, интонациясын аныктаган (Фортунатов—де Соссюр закону). Студенттерге окуган лекциясынан түзүлгөн «Жалпы лингвистика курсу» да» (1916) тил илиминдеги алгачкы ирет тилди система (структура) катары кароону сунуш кылган (к. *Структурализм*). С-дун филос. көз карашы француз рационализмине (Э. Дюркгейм, Г. Тарду), тилдик идеялары И. А. *Бодуэн де Куртенэ*, Н. В. Крушевский, У. Уитниге жакын. С-дун тилдик теориясы семиотика, антропология, ад-т таануу ж-а эстетикага да таасир тийгизди.

Чыг.: в рус. пер. — Курс общей лингвистики, М., 1933.

Ад.: Слюсарева Н. А., Теория Ф. де Соссюра в свете современной лингвистики, М., 1975.

СОСТАВДЫК ЯДРО — ядро реакциялары кезинде учун бараткан бөлүкчөнүн ядро-бутага тийип, аны м-н бириги-шинин натыйжасында пайда болгон ядро системасы. С. я. туруксуз ж-а өте аз убакытта реакциянын акыркы продуктусуна ажырайт ($t_0 \sim 10^{-22}$ *сек*). Учун келген бөлүкчөнүн энергиясы С. я-нун бардык эркин даражасы б-ча таралат. С. я-нун модели татаал ядролордогу ядро реакцияларын түшүндүрүү үчүн колдонулат. С. я. ж-дөгү пикирди 1936-ж. Н. *Бор* айткан.

СОСТАВДЫН ТУРУКТУУЛУК ЗАКОНУ — химиянын негизги закондорунун бири. Ар бир белгилүү хим. бирикме анын алынып жолуна карабастан белгилүү элементтерден туруп, алардын салмактык катышы ар дайым туруктуу болот. Бул закон франц. химиктер К. Бертолле м-н Ж. Пруссттун талашынан келип чындыкка чыккан. К. Бертолле хим. бирикмелердин составы туруксуз болуп, үзгүлтүксүз өзгөрүп турат десе, Ж. Пруссттун ою б-ча хим. бирикмелерди пайда кылуучу элементтердин ортосундагы катыш дайыма туруктуу. Закон газ ж-а суюк бирикмелерге гана таандык. Кристалл заттардын составы туруктуу (дальтонидлер) ж-а өзгөрүлмө (бертоллиддер) болот. Көпчүлүк хим. бирикмелер, б. а. орг. заттар — дээрлик дальтониддер. Бертолиддер гидрид, карбид, нитрид, кычкылдар, сульфид ж. б. кристаллдарда жолугат.

СОСЬВА — РСФСРдин Свердлов облындагы дарыя, Тавда д-ныи (Тоболдун алабы) оң тармуучусу. Уз. 635 *км*, алабынын аянты 24 700 *км*^{2}. Түн. Уралдын чыгыш капталынан башталат. Кар ж. б. суулардан куралат. Деңгээлинин жылдык өзгөрүүсү ортонку ж-а төмөнкү агымында 5—6 *м*. Жылдык орт. чыгымы чатынан 140 *км* жогору 113 *м*^{3}/*сек*, эң көбү 2210 *м*^{3}/*сек*, эң азы 4,48 *м*^{3}/*сек*. Ноябрда тоңуп, апрелде ачылат. Сал агызылат. Чатынан 333 *км* аралыкка чейин кеме жүрөт.

СОТ — закондо белгиленген тартипте уголовный ж-а гражд. иштерди чечүүчү мамл. орган. «С.» термини сот жүргүзүүнү да билдирет. Таптык коомдо С. таптык мүнөздө болуп, анын иш-аракети үстөм таптын саясий үюмдарынын кыялкчылыгын коргоого багытталган. Сов. С. эле кызмат кылат, ал Совет мамлекетин ж-а соц. коомдук түзүлүштү, соц. мепчиктп, гражданлардын, соц. мекемелердин укуктары м-н закондуу кызыкчылыктарын жактайт, сов. закондордун так ж-а сөзсүз аткарылышын камсыз кылат. Күнөөлүүлөрдө мамл. мажбурлоо чара колдонуп, закон бузууну алдын ала болтурбоо ж-а законду пропагандалоо, граждандарды коммунисттик моралдын духунда тарбиялоо б-ча иш жүргүзөт. Партия м-н



А. М. Сотникова.

өкмоттүн чечимдерин аткарууга активдүү катышат. Закондуулукту бекем сактоону, кылмыштуулукту ж-а анын себептерин жоюуну камсыз кылат (к. *Социалисттик закондуулук*).

СССРде С-тун иш аракети демокр. негизде түзүлгөн: соттор ж-а эл заседателдери шайланат, алар шайлоочулар алдында жоопкер, соттук иш кароо ачык (публичный), коомдук айыптоочу ж-а коомдук актоочу катышат, закондуулук бекем сакталат. С. эч кимге көз каранды эмес. Ал законго гана баш ийет. С-тун өкүмүсүз эч ким кылмыштуу деп табылбайт ж-а жазаланбайт. В. И. Ленин бурж. С-ту үстөм таптын кызыкчылыгын коргоонун, эмгекчилерди эзүүнүн куралы деп баалаган.

Ад.: Черниловский З. И., Всеобщая история государства и права, М., 1973.

СОТ АДИЛЕТТИГИ — СССРде ж-а элдик демокр. өлкөлөрдө закондо белгиленген тартипте соттун укук маселелерин законго ылайык чечиши, о. эле закон бузуучуларга мажбурлоо чараларын колдонушу. Сов. соц. С. а-нин милдети: СССРдин мамл. ж-а коомдук түзүлүшүн, соц. менчикти, граждандардын саясий, эмгек, тураккай ж. б. укуктарын, мекемелердин, уюмдардын, колхоздордун, кооперациялык ж. б. коомдук уюмдардын кызыкчылыгын коргойт; сов. закондорду бардык мекеме, уюм, кызмат адамдары м-н граждандардын так аткарышын камсыз кылат. СССРде С. а-нин негизги принциптери: а) бардык граждандар үчүн бирдей тең сот; б) бардык соттор үчүн бирдей, милдеттүү уголовный, гражд. ж-а процесстик закон; в) Конституцияда көрсөтүлгөндөй, соттун эч кимге көз каранды эместиги ж-а законго гана баш ийиши. Бурж. мамлекеттерде сот бийлөөчү таптын кызыкчылыгын гана коргойт.

СОТ АНЫКТАМАСЫ — СССРде уголовный ж-а гражд. иш кароодо айрым процесс маселеси б-ча соттун чыгарган токтому (мис., күбө чакыруу ж-дө). Иштн кассация же надзор претинде караган 2-инстанциядагы соттун чыгарган токтому да С. а. болот.Уголовный же гражд. иш кароодо аныкталган тигил же бул орган, мекеме ж. б-нын ишиндеги кемчиликтерди соттун тийиштүү органдарга билдириши — С. а-нын өзгөчө түрү.

СОТ-АТКАРУУЧУ —сов. укук б-ча эл сотторунун алдындагы кызмат адамы. Аның милдети — соттун граждгд. иш б-ча чыгарган чечимин, аныктамасын, токтомун ишке ашыруу, о. эле уголовный иштер б-ча мүлкко байланыштуу өкүмдү, токтомду, аныктаманы аткаруу.

СОТ ЖҮРГҮЗҮҮ —закондо белгиленген тартипте сот органдарынын уголовный ж-а гражд. иштн чечүүсү. С. ж. тартибн уголовный, гражд. сот жүргүзүүнүн негиздери (1958) ж-а уголовный, гражд. процесс кодекстеринде көрсөтүлгөн, к. *Кыргыз ССР уголовный-процесс кодекси, Кыргыз ССР граждандык-процессуалдык кодекс.*

СОТ-МЕДИЦИНАЛЫК ЭКСПЕРТИЗА —сот ж-а тергөө органдарынын ишинде пайда болгон мед. маанидеги суроолорду чечүүдө атайын врач тарабынан жүргүзүлгөн изилдөө. Тергөө ишинде өлүмдүн себебин, тирүү кишилердин ден соолугун, айыпталуучу ж-а зыян тарткан кишинин психикалык абалын, *симуляцияны* аныктоого милдеттүү. С.-м. э-нын өзгөчө болгүгун буюмдарда кан, шилекей, сперма ж. б-нын калдыктарын атайын методдорду колдонуп изилдөө түзөт. Экспертиза тергөө ж-а сот органдарынын сунушу б-ча өткөрүлөт. Өзгөчө маанилүү иштн чечүүдө сот-мед. комиссия түзүлөт. С.-м э-да атайын сот-мед. документ толтурулат. СССРде С.-м. э. ишн СССРдин саламатык сактоо министри бекиткен инструкция м-н жүргүзүлөт.

СОТ МЕДИЦИНАСЫ — медицинанын тергөө жүргүзүүдө ж-а сот ишинде пайда болгон мед. ж-а биол. проблемаларды изилдөөчү тармагы. Ал *сот-медициналык экспертизанын* процессуалдык ж-а уюштуруу негизин, сыртқы чөйрөнүн таасиринен ден соолуктун бузулушун ж-а адамдын өлүмүнүн себептерин (к. *Өлүктү союп коруу*), тирүү кишилерди экспертиза кылууну (ден соолугун, жашын, боюнда болгондугун аныктоо ж. б.), кылмышты ачууга жардам берген перселерди (буюмдардагы кан, шилекей ж. б-дын тагы, чачтын калдыгы) изилдейт, о. эле мед. кызматкерлердин кылмышы (туура эмес дарылоо ж. б.) б-ча жоопко тартылганда экспертиза жүргүзөт. С. м. медицинанын көп тармагы, о. эле криминалистика, уголовный ж-а гражд. укук ж-а процесс м-н тыгыз байланышта. С. м. жогорку мед. ж-а укук окуу жайларында сабак катары кирет. КММИде С. м. б-ча кафедра 1942-ж. уюшулган. Аның негизги ил. иштери мүрт өлүмдүн себебин, электр травмасын, автотравманы, уулануунуу ж. б. изилдөөгө багытталган.

Ад.: Громов А. П., Курс лекции по судебной медицине, М., 1970.

СОТНИКОВА Анисья Макаровна (1911-ж. т., Алтай крайы, Локтев р-ну, Золотуха к-ши.) —Соц. Эмг. Баатыры (1950). 1943-жылдан Кыргыз ССРинин Сокулук р-пундагы «Томонку-Чүй» с-зунда жумушчу, кийин кенеп остүрүүчү звеного башчы болгон. 1949-ж. аның звеносу 32 *га* жердин гектарынан 101 *ц* түшүм алган. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

СОТ РЕФОРМАСЫ (1864) — Россиядагы присяжныйлардын соту, соттордун которулбастыгы ж. б. киргизилген жаңы сот системасы. Падыша өкмөтү бул бурж. реформаны крепостной укукту жойгондон кийин аргасыздан жүргүзгөн. 1864-жылкы С. р. реформага чейинки бир катар соттордун сословиелик-феод. мүнөзүнө тийген эмес (дыйкандар үчүн, дин кызматкерлери үчүн өзгөчө сот ж. б.). Реформаны киргизүү процесси 35 жылга созулган.

Ад.: Виленский В. В., Судебная реформа и контрреформа в России, Саратов, 1969.

СОТТОЛГОН АДАМ — кылмышы аныкталып, сот өкүмү б-ча кесилген адам. СССРде С. а-дын укугуна чек коюу закондо көрсөтүлгөн. Ал сот аныктаган жазанын оордугуна ж-а аны өтөө режимине байланыштуу.

СОТТОЛГОНДУК, соттуулук — уголовный кылмыш б-ча соттолуунун укуктук натыйжасы. СССРде уголовный закондун негиздеринде С-тун жоюлуш тартиби көрсөтүлгөн. С. жок деп төмөндөгүлөр табылат: дисциплиналык батальондо жазасын өтөгөндөр, андан мөөнөтүнөн мурда бошотулган ж-а түзөтүү эмгек жазасынын ордуна гауптвахтада болгон аскер кызматындагылар; шарттуу жазага соттолуп, сыноо мөөнөтүндө жаңы кылмыш жасабагандар; жазасын (негизги ж-а кошумча) өтөгөндөн кийин закондо белгиленген мөөнөттөрдө жаңы кылмыш жасабагандар ж. б. Жазаны өтөгөн адам эмгекке ак ниет мамиле кылып, үлгүлүү тартипте жүрсө, жүртчулуктун сүроосу б-ча закондо белгиленген мөөнөттөн мурда С. алынып таштылышы мүмкүн.

Ад.: Кыргыз ССРинин уголовный кодекси. Фр., 1978.

СОТТОЛУУЧУ, соттуу — кылмыш жасап, айыпталуучу адам (сотко берилип, өкүм закондуу күчүнө киргенге же акталып кеткенге чейин). Сов. уголовный процесс б-ча айыптоо корутундусу м-н иштн прокурор бекиткенден кийин соттун башкаруу заседаниеси же судьянын жеке каароосу м-н айыпкер сотко берилет. Жекече айыптоодо материал соттун өзүнө түшөт да, сот иш козгоо токтомун чыгарганда С. деп табылат. С өз кызыкчылыгын өзү же актоочу аркылуу коргоого укуктуу. Айыптоо өкүмү чыгып, ал закондуу күчүнө киргенден кийин С. соттолгон адам болот.

СОТ ТҮЗҮЛҮШҮ—1) соттордун милдетин, уюштуруу ж-а иш-аракет принциптерин, структурасын, компетенциясын белгилеген нормалар жыйындысы. СССРде С. т. ж-догу нормалар СССР Конституциясында, союздаш ж-а автономия респ-каларды конституцияларында, С. т. ж-догу закондор (1958) негизинде. Аскер трибуналы ж-догу (1958), СССР Жог. Соту ж-догу (1957) жоболордо, союздаш респ-каларды С. т. ж-догу закондорунда көрсөтүлгөн. Сот уюштуруу ж-а анын иш-аракети тууралуу маанилүү маселелерди союздаш респ-каларды С. т. ж-догу закондору жалпы союздук негизге ылайык чечет. Ал эми айрым союздаш респ-каларда кээ бир маселени чечүүдө тарыхый-улуттук ж. б. өзгөчөлүктөр эске алынат. 2) Сот мекемелеринин системасы. СССРде С. т. В. И. Ленindин түздөн түз катышуусу м-н 1917-ж. 22-ноябрда Совет өкмөтү кабыл алган Сот ж-догу декретте көрсөтүлгөн демокр. принципте түзүлөт. Сов. С. т-но төмөндөгү демокр. принциптер мүнөздүү: сот системасынын биримдиги, бардык граждандар үчүн тең, бирдей сот, бардык соттордун шайланмалыгы ж-а алардын шайлоочуларга отчёт берип турушу, шайлоочулардын ишенимин актабаган же соттук жог. паамга ылайыксыз жүрүм-турумү үчүн соттордун шайлоо мөөнөтүнөн мурда чакырылып алынышы.

СОФИСТИКА (гр. sophistike — айлакерлик м-н жарыш сөз алып баруу) — 1) Байыркы Грецияда *софисттер* түзгөн филос. агым; 2) алдын ала логикалык закондорду бузуп, жалган далилдерди колдонууга негизделген ой жүгүртүү.

СОФИСТТЕР (гр. sophistes — колунан келген, ойлоп ташкыч, акылман, акылман сөрөй) — 1) акылдуу, ойлоп ташкыч, чебер, баарын билген киши, кээде акы алып кесиптенген философ; 2) афины демократиясынын гүлдөгөн мезгилиндеги (б. з. ч. 5-кдын 2-жарымы — 4-к-дын 1-жарымы) философтор, акылмандыктын ж-а чеңдиктин мугалимдери. «Улуу» С. (Протагор, Горгий, Гиппий, Антифонт ж. б.) байыркы грек коомунун саясий, этикалык, диний негиздерин, о. эле философиянын *релятивизм, скептицизм* принциптерин сынга алышкан. Алар биринчи орунга этика, саясат, тааным теориясынын маселелерин коюшкан. «Кеңже» С. (Алкидам, Ликофрон, Критий ж. б.), өзгөчө «экинчи» ж-а «кийинки» софисталарын (2—5-к.) өкүлдөрү ар кандай эле жобону төгүнгө чыгара беришкен.

СОФИЯ — Болгариянын борбору; өлкөнүн негизги экон. ж-а маданий шаары. София чуңкурдугунун түш. чети м-н Витош тоо массивинин этегинде. Аянты 168 *км*², калкы 1 млн (1977). С. 7 районго бөлүнөт. Автомобиль, аба ж-а т. ж. тоому. Ал аркылуу эл аралык Будапешт — Белград — София — Стамбул автомобиль ж-а т. ж. магистралдары өтөт.

Римдиктер фракия-серд аймагын каратқан соң б. з. 1-к-нда С. Сердика деген ат м-н негизделген. Ал Рим империясынын (кийин Византия) балкан эллктеринлеги маанилүү админ. ж-а соода жайы болгон. С-ны 441—447-ж. гуниндар талкалап, император Юстиниан тушунда (527—565) калыбына келтирилген. 809-жылдан Средец деген ат м-н 1-Болгар падышалыгынын (681—1018) составында, 1018—



София. В. И. Ленин аянты.

1194-ж. Византия бийлигинде. 14-кдын аягынан ыйык София чиркөөсүнүн (5—6-к-да курулган) атынан аталган. 1382-ж. С-ны түрктөр каратқан. 16—18-к-да соода м-н кол өнөрчүлүктүн, мад-ттын чордону, 18-к-дын аягы — 19-к-дын башында болгар элинин улуттук-бошт. күймылынын негизги борбору болгон. 1877-ж. түрктөрдүн өзүүсүнөн бошонуп, 1879-жылдан Болгариянын борбору. С-да 1915-ж. согушка каршы жалпы балкандык митинг, 1919-ж. 25—27-майда Болгария компартиясынын 1-съезди өткөн. Экинчи дүйн. согуш (1939—45) мезгилинде болгар элинин антифаш. күралдуу күрөшүнүн борбору. С-да 1944-ж. 9-сентябрда Ата Мекен фронтунун өлдик-демокр. өкмөтү түзүлүп, 1946-ж. 15-сентябрда Болгар Эл Реси-касы болуп жарыяланган. С-да өлкөдөгү ө. ж. продукциянын 15%ке жакыны чыгат. Оор ө. ж. тармагы басымдуу (С-ның ө. ж. продукциясынын $^2/_3$ге жакыны). Негизгилери: металлургия (Кремиков кара металлургия ж-а түстүү металл прокат комбинаттары ж. б.), машина куруу (прибор куруу, электрондук эсептөө, тех., станок куруу ж. б.), о. эле текстиль, тамак-аш, полиграфия ж. б. өнөр жайлары өнүккөн.

С-ның борб. бөлүгү радиус (чабак)-алкак сымал планданштырылган. Анда Байыркы Рим курулуш калдыктары сакталган. О. кылым өстеликтеринен белгилүүсү — ыйык София чиркөөсү (5—6-к.). 19-к-дын аягы—20-к-дын башында көптөгөн эклектика мүнөзүндөгү имараттар м-н катар арх-рада улуттук салтты өнүктүрүү аракетиндеги курулуштар салына баштаган; 1954, арх. Д. Митов, Л. Нейков, скульптору И. Фунев ж. б.).

С-да София ун-ти, 8 ин-т, консерватория, Болгария ИА, 117 ил. из. институ, 10 илим б-ча кадрларды даярдоо борбору, ири китепканалар, музейлер, театрлар, филармония ж. б. бар.

Ад.: Пеев П., Мулешков С., Маринов Х., София, София, 1965; Ташев П., София. Архитектурно-градоустройственное развитие, София, 1972.

СОФОКЛ (б. з. ч. 496—406-ж. чен) — байыркы грек драматургу, мамл. ишмер. Байдын үй-бүлөсүнөн. 120дан ашык драмалык чыгарма жаратқан. Бизге жеткендери — «Аякс», «Электра», «Антигона», «Эдип падыша», «Эдип Колондо», «Трахиналык аялдар», «Филоктет» сыяктуу трагедиялар ж-а айрым чыг-ларынан үзүндүлөр. С-дун чыг-ларынын мазмунун эски уруу салттары м-н жаңы заманды, тарыхый жаңы күчтөрдүн ортосундагы трагедиялуу кагылыш түзөт. Ал чыг-ларында, о. эле афиналык замандаштарынын дүйнө көз карашын чагылдыруу аркылуу өзүнө чейинки драматургдардан өзгөчөленүп, чыдыкты дал өзүндөй көрсөтүүгө аракет жасаган. С. Эсхилден кийин драмадагы хорду кыскартып, диалогду ууарткан. Анын чыг-ларынын тили жатык келип, мазмуну гумандуу болгон. Чыг-ларынын сюжетин ж-а образдарын кийинки мезгилдеги жазуучулар (Акций, Сенека, Ж. Ротру, П. Корнель, Ж. Жироду, Ж. Ануй ж. б.) арбын пайдаланган. 19-к-дан С-дун трагедиялары дүйнө элдеринин театрларында коюлууда.

Чыг.: в рус. пер. — Драмы, т. 1—3, М., 1914—15; Трагедии, М., 1958.

Ад.: Радциг С. И., К вопросу о мировоззрении Софокла, «Вестник древней истории», 1957, № 4.

СОФРОНОВ Анемподист Иванович [2 (14). 11. 1886, Якут обл., Ботурус улусу — 24. 10. 1935, Якутск] — якут совет жазуучусу. Өз алдынча билим алган. Чыг-лары 1912-жылдан жарыялана баштаган. С-го орус классикалык ад-ты чоң таасир тийгизген. «Ата Мекен» (1912), «Перште жана шайтан» (1914) поэмалары м-н «Жакыр Яков» (1914), «Сүйүү» (1916), «Манчарлар» (1920), «Турмуш тозогу» (1921) пьесаларында рев-яга чейинки якут турмушун, падышалык ж-а жерг. өзүнүн сүроттөп, сынчыл реалист, демократ агартуучу катары таанылган. Рев-ядан кийин якут улуттук театрын негиздеген. Якуттун сов. туңгуч «Манчары» деген газетасын ж-а «Чолбон» журналын редакциялаган. Якут АССР БАКка мүчөлүккө шайланган.

Чыг.: Талыллыбыт айымныылар, т. 1—2, Якутскай, 1964—65; Тороөбут дойду, Якутскай, 1966.

Ад.: Харитонов Г. П., А. И. Софронов. Жизнь и творчество. [1886—1935], Якутск, 1969.

СОХ — Түш. Ферганадагы суу, Сыр-Дарыянын сол куймасы. Алай кырка тоосунун Түркстан ж-а Зеравшан тоолорунa ажыроочу Матча тоо түйүнүнүн түн. капталынан башталат. Ко-

жо-Ашкандын чатынан баштап С. аталат. Уз. 124 *км*, алабынын аянты 3510 *км²*. Ири куймалары: Түтөк-Суу, Туура-Суу, Жашыл-Көл, Кожо-Ашкан, Кыштут, Гараты (оң), Калаймахмуд, Раут, Палал (сол). Апр.—майда ташкындан, августта тартылат. Мөңгү, кар, булак сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 42,1 *м³/сек*, эң көбү 58,9 *м³/сек*, эң азы 28,0 *м³/сек* (Сарыканды кыш-на жакын). Жашыл-Көлдүн чатынан баштап салааланып, жай агып, улам төмөндөгөн сайын куум капчыгай аркылуу (60 *км* аралыкка) өтө тез агат. Андан соң кайрадан салааланып, Сары-Коргон кыш-нан баштап дарыя агындыларынан түзүлгөн конусту пайда кылат. Сугатка кеңири пайдаланылат. Алабында жалпы аянты 258,7 *км²* келген 276 мөңгү бар. Боюнда Кокон ш., Зардалы, Сары-Коргон, Сарыканды, Сох ж. б. кыш. жайгашкан.

СОХ ӨРӨӨНҮ Алай кырка тоосунун батыш бөлүгүндө (түн. капталында) түштүктөн түндүккө созулуп жатат. Баш жагы үч айрыктан: Кожо-Ашкан, Арча-Башы, Ак-Терек өрөөндөрүнөн турат. Өрөөндүн Зардалыдан Канигутка чейинки бөлүгү (уз. 85 *км*) деңиз деңг. 700—1800 *м*, баш жактары (Кожо-Ашкан, Арча-Башы, Ак-Терек) 1800—3500 *м* бийикте жатат. Тегерегиндеги тоолор өрөөндүн тамашынан 1500—2700 *м*ге көтөрүлөт. Капталдары тик аскалуу, палеозойдун сланец, ак таш, гранит-диорит текстеринен турат. Зардалы кыш-нан төмөнүрөөк С. ө. капчыгайга (танггге) айланат. Жалпысынан С. ө. Кожо-Ашкандын баштарынан чатына чейинки 145 *км* аралыкта 3900 *м*ден 700 *м* бийикке чейин эңкейиштейт, б. а. ар 1 *км* аралыкта 22 *м*ге төмөндөйт. С. ө-нүн ортоңку жайык бөлүгү Тескей ж-а Катырак тоолорунун четки аркылуу өтөт. Катырак тоолорун батыш жагынан кесип өтүп, өрөөн кайрадан кууштайт. Ак-Торпок кыш-нан төмөн С. ө. жазы Исфара-Лякан түздүгүнө өтөт. Климаты континенттик. Июлдун орт. темп-расы 19—28°С, январдыкы —2 ...—18°С. Жылдык жаан-чачыны 100—600 *мм*. Өрөөн аркылуу Сох суусу ж-а анын куймалары агып өтөт. Өрөөндүн төмөнкү түзөң ж-а адырлуу бөлүгүн (500—800 *м* бийиктикте) жарым чөл алкагы ээлейт. Шыбак, шор ж-а эфемер өсүмдүктөрү өсөт. Андан жогору 1300 *м* бийикке чейин кургак талаа ландшафты жайгашкан. Эфемер, шыбак, шыралжын, таргыл, буудайык, өлөң чөп басымдуу; мисте кездешет. 1300—1800 *м* бийиктен буудайык-түркүн чөптүү талаа алкагы орун алган. Бетегелүү талаа ландшафты 1800—3000 *м* бийикте жатат; мында бетеге, буудайык ж. б. талаа өсүмдүктөрү өсөт, арча токою бар. 3000—3500 *м* бийикте мелүүн суук ж-а кургакчыл климаттык шарттарда субальп шалбаалуу талаа ландшафты жайгашып, негизинен бетеге, төө тикенди ж. б. тикенди чөптөр, андасанда жапалак арча өсөт. Альп алкагында (3500—3900 *м*) тоо кантала-ры өтө тик, аскалуу; көп бөлүгү корум таштар, шагылдар ээлейт. 3900 *м*ден жогору гляциалдык-нивалдык зона жатат. Айрым мөңгүлөрдүн (Матча) этеги 2700—2900 *м*ге чейин түшөт. Жаныбарлары: жылан, кескелдирик, таш бака, чаян, көкөн, кош аяк, күзөн, суур, арча момолою, түлкү, карышкыр, кашкулак, аюу, элик, доңуз, аркар, тоо өчкү, илбирс ж. б. Төмөнкү бөлүгүндөгү түз аймактарда пахта, жаан-чачындуу жерлерде кайрак өгөн (буудай, арпа) өгилет. Тоо ландшафттары (шалбаалуу талаа, талаа) негизинен жайыт катары пайдаланылат.

Ад.: Алиев З., Байгуттиев С., Түштүк Кыргызстандын жаратылышы, Фр., 1972; Матикеев К., Ландшафты бассейна реки Сох. Автореферат диссертации на соискание учёной степени кандидата географических наук, Б., 1971; Ройченко Г. И., Почвы Южной Киргизии, Фр., 1960.

СОЦИАЛДАШУУ (лат. socialis — коомдук) — адамды коомдун толук укуктуу мүчөсүнө айландыруучу билимдердин, нормалардын ж-а баалуулуктардын белгилүү системасын өздөштүрүү процесси. С-га личностту тарбиялоо, о. э. анын калыптанышына таасир берүүчү эрктен тышкары процесстер да кирет. С. теориясында көз бир окумуштуулар адамды коом турмушуна ылайыкташуучу биол. жандык катары эсептешсе, экинчилери социалдык таасирлердин эрксиз туундусу катары карайт. Марксизм-ленинизм б-ча С.—адамдын биол. касиеттерин жөнө салуучу тышкы таасирлердин жөнөкөй суммасы эмес, ал — личносттун калыптануу процесси, б. а. адам биргелешет. Адам С-нун объектиси гана эмес, ал коомдук кубулуштарды өзгөртүүгө, жаңыларын жаратууга катышат, демек, С-нун субъектиси. Ошондуктан адам канчалык активдүү болсо, С. ошончолук ийгиликтүү болот. С. тарыхый мүнөзгө ээ, коомдун социалдык-экон. структурасына көз каранды.

«СОЦИАЛ-ДЕМОКРАТ» — РСДРПнин борб. органы; легалсыз газета. РСДРПнин бүткүл россиялык 6-(Прага) конф-ясынан (1912) кийин большевиктердин борб. органы. РСДРПнин 5-съездинин (1907) чечими м-н негизделип, 1908-ж. февралда газетанын 1-саны жарык көргөн. РСДРПнин бүткүл россиялык 5-конф-ясынын (1908) чечими м-н газета Парижде (1909—13-ж. 2—32-саны), кийин Женевада (1914—17-ж. 33—58-саны) чыкан. Башкы редактору негизинен В. И. Ленин болгон. Анын «Америка Кошмо Штаттарынын урааны жөнүндө» деген эмгеги биринчи жолу «С. д.» газетасына басылган. «С.-д.» газетасынын ишине ар кайсы мезгилде Д. Бедный, М. Горький, А. М. Коллонтай, Р. Люксембург, И. В. Сталин ж. б. катышып турган.

СОЦИАЛ-ДЕМОКРАТИЗМ — азыркы кездеги социал-демокр. кыймылдын идеялык-саясий негизин түзгөн түшүнүктөр м-н көз караштар жыйындысы. С.-д-ге коомдук өнүгүүнүн эволюциялык формасы, капитализмди реформанын жардамы м-н тынчтык жол аркылуу бара-бара соц. багытта кайра куруу, мамлекет м-н демократиянын «таптардан жогору турушу» жөнүндө түшүнүк, тап күрөшүн тап кызматташтыгы м-н алмаштырууга умтулуу мүнөздүү. С.-д. 19-к-дын 1-жарымындагы майда буржуазиячыл социализмден башталып, кийин оппортунизмдин негизин түзгөн. Россиядагы С.-д. меньшевизмден көрүнөт.

Социал-демократиянын оппортунизми 1-дүйн. согуш жылдарында социал-шовинизмге өсүп жеткен. Ошол эле мезгилде С.-д. центристтик агымда да калыптанган. Центризмдин идеологу К. Каутский «ультраимпериализм» теориясын көтөрүп, империализмдин узак убакыт бою тынтык жол м-н өнүгүшүн жактаган ж-а соц. рев-яны белгисиз мөөнөткө калтырган. Оппортунизмдин, центризмдин ж-а социал-шовинизмдин социалдык-экон. негизи м-н идеялык-саясий мазмунунун жалпылыгын В. И. Ленин ашкерелеген.

Улуу Окт. рев-ясынын натыйжасында эл аралык социал-демократиянын жикке бөлүнүшүнүн тездеши ж-а компартиялардын пайда болушу жумушчу кыймылындагы рев-яга каршы, реформачыл агымдын идеялык-саясий негизи катары С.-д-дин ролу толук аныкталган.

Экинчи дүйн. согуштан кийин социал-демократия марксизмден көз үзүп, С.-д. «демократиялык социализм» деген ат м-н азыркы кебетесин кийген. «Демократиялык социализмди адегенде Соц. интернационалдын Франкфурт декларациясында, кийин алдыңкы с.-д. партиялардын: Австрия социалисттик партиясынын программасында (1958), Германия с.-д. партиясынын Бад-Годесберг программасында (1959) ж. б-да талкуланган. «Демократиялык социализм» «бейтараптыкты» жарыялап, соц. түзүлүшкө өтүүнүн ал: негизин таанып. Коммунисттер С.-д-дин рев-яга каршы идеологиясы м-н саясатына каршы күрөшүүдө.

СОЦИАЛ-ДЕМОКРАТИЯЛЫК ФЕДЕРАЦИЯ (СДФ)—англиялык соц. уюм. 1881-жылдан иштеген Демокр. федерациянын базасында 1884-ж. түзүлүп, ар түрдүү социалдык катмарды биригирген. Андагы бийлик көпкө чейин Г. М. Гайндман башкарган реформачылардын колунда болгон. Федерациядагы марксчылар пролетариат массасы м-н тыгыз байланыш түзүү саясатын жүргүзгөн. 1884-ж. У. Моррис, Э. Маркс, Э. Эвелинг ж. б. марксчылар СДФтен чыгып, Соц. лиганы негиздешкен (кийинчерээк алардын айрымдары СДФке кайра кирген). 20-к-дын башында Россиядагы рев-янын (1905—07) таасири м-н СДФте рев-ячыл марксчылар күчөп, 1907-ж. СДФ Социал-демокр. партия (СДП) болуп кайра түзүлгөн. 1911-ж. СДП башка уюмдар м-н бирге *Британиянын социалисттик партиясын* түзгөн. Бул соц. партия 1920-ж. *Улуу Британия коммунисттик партиясын* (УБКП) уюштурууга негиз болгон.

«СОЦИАЛ-ДЕМОКРАТИЯНЫН ДЕМОКРАТИЯЛЫК РЕВОЛЮЦИЯДАГЫ ЭКИ ТАКТИКАСЫ» — В. И. Ленин дин *Россиядагы 1905—07-жылдагы революция* мезгилинде большевиктер партиясынын стратегиясы м-н тактикасын теориялык негизден, меньшевиктердин оппортун. тактикасын сынга алган эмгеги. 1905-ж. июнь—июлда Женевада жазган. Китепте Ленин РСДРПнин 3-съездинин чечимдерин теориялык негиздеген. Россиядагы бурж.-демокр. рев-янын мүнөзү ж-а өзгөчөлүгү, пролетариаттын жетекчи ролу, жумушчу табы м-н дыйкандардын союзу ж-дө ж. б. маанилүү маселелерди караган. Орус рев-ясынын кыймылдаткыч күчүн ж-а мүнөзүн баалоодо меньшевиктердин догматизмин сынга алган (меньшевиктер Россиядагы рев-янын гегемону буржуазия болуш керек деп далилдешкен, орус дыйкандарынын рев-ячыл экендигине ишенишкен эмес). Россиядагы рев-янын гегемону пролетариат гана болоруп, демокр. рев-янын жеңиши үчүн күрөштө дыйкандар анын союздашы экенин далилдеген. Меньшевиктердин конф-ясында (Женева) кураллуу көтөрүлүштү уюштуруу, демокр. респ-ка орнотуу, Убактылуу рев-ячыл өкмөттүн мааниси ж-дө эч нерсе айтылбаган. В. И. Ленин меньшевиктердин мындай оппортун. багытына каршы куралдуу көтөрүлүштү даярдоо керектиги ж-дөгү жобону өнүктүрүп, пролетариат м-н дыйкандардын рев-ячыл-демокр. диктатурасын орнотуу үчүн күрөштүн зарылдыгы ж-дө ураанды негиздеген. Бурж.-демокр. рев-янын жеңиши жумушчу табына гана пайдалуу экендигин белгилеп, бурж.-демокр. рев-янын соц. рев-яга өсүп чыгышы ж-дөгү теорияны иштеп чыккан. Лениндин ою б-ча бурж.-демокр. рев-ядагы дыйкандар м-н союздаш пролетариат гегемониясы соц. рев-я мезгилинде кедей дыйкандар м-н союздаш пролетариат гегемониясына өсүп чыгыш керек. Пролетариат м-н дыйкандардын демокр. диктатурасы пролетариат диктатурасына өсүп чыгат. «Эки тактикада» өнүктүрүлгөн лениндик рев-я теориясы меньшевиктердин оппортун. көз караштарына, Парвус ж-а Троцкий сунуш кылган «солчул» «перманенттик революция» теориясына каршы турган (к. *Троцкизм*). 1917-жылдагы Февр. бурж.-демокр. ж-а Окт. соц. рев-яларынын жеңиши, о. э. СССРде социализмдин негиздигүүнүн башкы кыйдоону коомдук өнүгүүнүн башкы кыймылдаткычы катары караган социологиялык теория. С. д. 19-к-дын аягында бурж. социологияда кеңири өнүккөн. Бул теория (Гумплович, Ратценхофер, Смолл ж. б.) Дарвиндин окуусун биологиядан социологияга көчүрүүгө негизделген. Азыр С. д-дин көз бир жактоочулары табигый тандоо ж-а жашоо үчүн күрөш адам коомунда бүгүн да жашап жатат дешсе, экинчилери илим м-н техниканын өнүгүшүнүн натыйжасында тиричиликке жөндөмдүүлөр гана эмес, алсыздар да жашап кете турган шарт түзүлдү дешет. С. д-дин өкүлдөрү коомдогу бардык кырсыктардын себебин «жарым жандардын», алсыздардын кобойушунөн көрүшөт. Мындан С. д-дин адамзатка жаттыгы айкын көрүнөт.

СОЦИАЛДЫК ИЕРАРХИЯ (гр. hierós — ыйык ж-а archē — бийлик) — социалдык системага таандык көрүнүштөрдүн бири бирине көз каранды иштөрдүн иерархиялык тартиби. «Иерархия» терминин 5-к-да Дионисий Псевдо-Ареопагиттин «Асман иерархиясы жөнүндө» ж-а «Чиркөө иерархиясы жөнүндө» трактаттарында колдонулуп, 19-к-га чейин христиан чиркөөсүнүн уюштурулушун мүнөздөгөн. 19-к-дан «Иерархия» коомдук илимдерде антагонисттик коомдук катмарлардын таптык жиктелишин ж-а бийлик түзүлүшүн аныктоо үчүн колдонулган. Ал азыр бурж. социологияда коомдогу кадыр-барк иерархиясы, бийлик иерархиясы катары изилденүүдө. Марксчыл социология С. и-ны изилдөөнүн жыйынтыктарын коомдук кубулуштарды патыйжалуу башкаруу чөйрөсүндө колдонот.

СОЦИАЛДЫК КАДЫР-БАРК (БЕДЕЛ) — калк тарабынан жеке адамдын, *социалдык топтун*, социалдык ин-ттун тигил же бул ин-аракетинин маанилүү, таасирдүү деп эсептелиниши. Адамдар С. к.-б-ка коом муктаждыгын канааттандыруудагы ролу, коллективдеги орду, кызматы, кесиби ж. б. сапаттары аркылуу жетишет. С. к.-б-ка ээ болгондорду тууралат, алар м-н атаандашат. С. к.-б-ты баалоо коомдо объективдүү негизге ээ, коомдун социалдык структурасына, маданий деңгээлине көз каранды. Антагонисттик коомдо бир эле көрүнүш же кылч-жорук ар кандай, кээде кайчылаш кадыр-баркка ээ болот. Соц. коомдо социалдык топтордун өз ара ынтымагы — С. к.-б. күтүүнүн варыл шарты.

СОЦИАЛДЫК КАМСЫЗДАНДЫРУУ СССРде — карыганда, ооруган эмгекке жарамсыз болгондо ж. б. учурларда закондо белгиленген тартипте эмгекчилерди мамл. материалдык камсыздоо системасы. Ал пикананын (уюмдун, мекеменин) камсыздандыруу төлөмү ж-а мамл. бюджеттен алынган дотация эсебинен жүргүзүлөт. С. к-нун негизги принциптерин В. И. Ленин 1912-ж. РСДРПнин бүткүл россиялык 6-(Прага) конф-ясы кабыл алган камсыздоо программасында иштеп чыккан. Азыр бардык эмгекчилер, жумушчу, кызматчы, колхозчулар социалдык камсыздандырылат. Ал эмгекчилерди материалдык жактан чыңдоого, коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган; С. к-ну профсоюз ишке ашырат. С. к. б-ча камсыздоонун ж-а төлөөнүн негизги түрлөрү — *пенсия* ж-а *пособие;* санаторий, пансионат, эс алуу үйлөрү, пионер лагери ж. б-га путёвка берүү. Пенсия м-н пособиенин негизги түрлөрү айлык акысына процеттик катнашта белгиленет. 1970-ж. колхозчулардын бүткүл союздук 3-съездинин чечимине ылайык колхозчуларды С. к. системасы киргизилген. Боюнда бар ж-а төрөгөн аялдарга, 16 жашка жетпеген (окуучулар 18 жаш), 3 ж-а андан көп балалуу жумушчу, кызматчы ооруп калганда эмгек стажына карабастан 100% пособие төлөнөт, киреше аз

Сох өрөөнүнүн ортоңку бөлүгү.



жумушчу, кызматчы, колхозчуларга да пособие төлөнөт. С. к-га бөлүнүүчү мамл. бюджет жыл сайын өсүүдө. Мис., 1945-ж. 958 млн сом, 1976-ж. 26 млрд сомго жакын болгон.

Ад.: Социальное обеспечение и страхование в СССР. Сб. официальных документов с комментариями, М., 1972.

СОЦИАЛДЫК КАМСЫЗДОО СССРде — гражданддарды карыганда, эмгекке жарамсыз болгондо, о. эле эне-м-н баланы ар тараптан мед. тейлөө, дарылоо ж-а материалдык камсыздоо үчүн мамлекет белгилеген социалдык-экон. чаралар системасы. Рев-ляга чейинки Россияда С. к. киргизүү пролетариаттын негизги талаптарынын бири болгон. Асыресе бул РСДРПнин 2-съездинде (1903) кабыл алынган Программада, кийинчерээк РСДРПнин бүткүл россиялык 6-конф-ясында (Прага, 1912) белгиленген. В. И. Ленин негиздеген бул талаптар **камсыздоонун лениндик жумушчу программасы** деген ат-м-н тарыхка кирген. Ал мамл. камсыздоо кандай маанилүү принципте түзүлүшү керектигин —жалданып иштегендерди үй-бүлөсү м-н камсыздоону, жумушчулар эмгекке жарамсыз болгон бардык учурда ж-а жумушсуздуктан улам эмгек акысы калганда камсыздоону; камсыздандыруучудан эч төлөм албастан жоготкон айлыгын толуктоону ж. б. аныктаган. СССРде С. к-нун лениндик принциптери закон м-н бекемделген.

С. к-ну уюштуруу — укуктук жактан жүзөгө төмөнкүдөй ашырылат: жумушчуларды ж-а кызматчыларды, аларга тең дем адамдарды ж-а алардын үй-бүлөсүн мамл. социалдык камсыздандыруу; социалдык камсыздандыруунун борборлошкон союздук фондусунун эсебинен колхозчуларды социалдык камсыздандыруу; мамл. бюджеттен түздөн түз ассигнациялоо аркылуу мамл. органдар тарабынан С. к.; айрым колхоздордун, чыг-лык союздардын (жазуучу, сүрөтчү, композитор ж. б.) фондусунун эсебинен кошумча С. к. Булар жалпыга бирдей принципте түзүлгөн. Ал принциптер: С. к-нун адамдардын расасына, жынысына, диний ишенимине карабастан жалпыга бирдейлиги; С. к-нун ар тараптуулугу ж-а ар түрдүүлүгү (пенсия, пособие, инвалид ж-а карылар үйүндө багуу ж. б.) ж. б. Камсыздоонун маанилүү түрлөрү: пенсия (карыганда, инвалиддик б-ча ж. б.), пособие (эмгекке убактылуу жарамсыз болгондо, боюнда барда ж-а төрөгөндө, көп балалуу ж-а жалгыз бой энелерге, санаторий ж. б-га жол кире төлөө ж. б.). Капит. өлкөлөрдө С. к-до эмгекчилерге жеңилдик берилген эмес, пенсияга чыгуу жашы СССРге караганда 5—10 жылга өйдө, пенсия м-н пособиенин өлчөмү төмөн.

СОЦИАЛДЫК КАТМАР — коомдо *таптык* бардык белгилерине ээ болгогон арабек топ, мис., интеллигенция же бир тектин ичиндеги мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар болук, мис., квалификациялуу ж-а квалификациясыз жумушчулар. Марксизм-ленинизм тап — таптык коомдун социалдык структурасынын негизи, ал эми С. к.— экинчи катардагы элемент деп эсептейт. Бурж. социологдордун ою б-ча С. к. коомдун негизин түзөт, таптар — анын бир формасы.

СОЦИАЛДЫК МОДЕЛДӨӨ — коомдук кубулуштар м-н процесстердин жөнөкөйлөшкөн көчүрмөсүн жасап, аны (**моделдерди, аналогдорду**) зарыл операциялардан өткөрүү аркылуу изилдөө методу. С. м. үч этапта жүргүзүлөт: 1) изилденүүчү кубулушту формалдаштыруу ж-а аның бап келген моделин түзүү; 2) моделге операция жүргүзүү аркылуу маселенин чечилишин изилдөө; 3) алынган натыйжаны изилденип жаткан коомдук кубулушка колдонуу. С. м. коомдук кубулушту түздөн түз изилдегенге караганда убакытты ж-а күчтү аз талап кылса, ал өзүн актайт. Анын чектелген жактары да, коомдук илимдердеги салт ыкмалардан артыкчылыгы да бар. Кибернетиканын, ЭЭМдин, матем. методдун, формалдаштыруунун кеңири кулач жайышы С. м-нүн тез өнүгүшүнө таасир берди. С. м. изилдөөнүн мүнөзү б-ча коомдук илимдерди табият таануу илимдерине жакындатып, социалдык экспериментти өнүктүрдү.

СОЦИАЛДЫК НОРМАЛАР — жеке адам м-н топтун белгилүү социалдык бүтүндүккө баш ийүүсүн шарттаган тарыхый же кандайдыр бир башка жол м-н калыптанган иш-аракеттердин үлгүсү. С. н. системасында баалоонун чени аныкталат. Нормалардын ар кандай системасы иш-аракеттин коомдук даражадагы демилгелерин, жүрүм-турум үлгүлөрүн же эрежелерин, норма бузуулардын санкцияларын өзүнө камтыйт. С. н-дын калыптанышы, бекемделиши ж-а укумдан-тукумга өтүшү — коомдук турмуштун маанилүү жагы. С. н-дын жеке адам тарабынан кабыл алынышы коомдук тарбиянын негизин түзөт. Ар түрдүү коомдук-экон. системалардын өзүнө ылайык нормативдик талаптарынын түрлөрү болот. Мис., соц. коомдогу С. н-дын системасы жалаң гана талаптардын багыты м-н эмес, аларды ишке ашыруунун мүнөзү б-ча да айырмаланат. Массалык ач-сезимге соц. нормаларды сиңирүү — коомдук маанилүү маселелердин бири. Бул милкорсотулгөн.

СОЦИАЛДЫК ПСИХОЛОГИЯ — социалдык топтордун психол. мүнөздөмөлөрүн, ал топторго кирген адамдардын жүрүм-турум ж-а иш-аракетинин закон ченемдерин изилдеген илим. Узак убакыт бою С. п-ныи маселелери түрдүү филос. окуулардын составында иликтенип келген. Азыркы көптөгөн С. п-лык маселелердин башаты Платон м-н Аристотелдин көз карашынан келип чыккан ж-а аның элементтери 19-к-дын 2-жарымында конкреттүү илимдердин — психология, антроп-я, этнография ж. б. п-ныи чегинде калыптанган. О. эле С. п-ныи өнүгүшү С. п. концепцияларын түзүү аракеттери м-н да байланыштуу. Алардын ичинен **«элдердин психологиясы»** (М. Лацарус, Х. Штейнталь, В. Вундт), **«массанын психологиясы»** (Ш. Сигеле, Г. Лебон), **«социалдык жүрүм-турум институттары»** (У. Мак-Дугалл). 1908-ж. Америкада У. Мак-Дугалл м-н Э. Росстун «Социалдык психология» деген эмгеги жарык көрүп, «С. п.» термини кошулган. Ошондон кийин С. п-ныи өз алдынча жашоосу башталган. Бурж. С. п-ныи андан ары өнүгүшү биринчи дүйн. согуштан кийинки **«социалдык заказга»** — өндүрүштө, армияда, пропагандада С. п-лык кубулуштарды жөнгө салуунун каражаттарын иштеп чыгууга байланыштуу. С. п-ны экспериментик изтармак катары түзүүнүн программасы белгиленген (АКШда Ф. Олпорт, Германияда В. Мёде). Бул АКШда ишжүзүнө толугураак ашкан. Эксперименттик салттын чегинде өнүккөн ж-а колдонмо милдеттерди аткарууга бытталган амер. С. п. көптөгөн конкреттүү кубулуштарды (майда топтордун структурасын ж-а динамикасын, адамдардын өз ара мамилесин, коммуникациянын каражаттарын ж-а механизмдерин ж. б.) изилдөөдө маанилүү ийгиликтерди жараткан. Бирок чоң топтордун (эл, масса) психологиясын изилдеген европ. салтты чанып, ал негизги көңүлдү майда топторго бурган. Бул индивидуалдык психологияны изилдөөнүн эталонго айланышы, аның принциптери ж-а методикасы С. п-га мех. түрдө көчүрүлүшүн алып келген. Азыр Батышта теориялык, идеол. маселелерди баалабоо, социалдык маселелерди четке кагуу сындалып жатат.

Марксизм-ленинизм классиктеринин эмгектеринде марксчыл С. п-ныи маанилүү башталмалары айтылган: тарыхты материалисттче түшүнүү, индивидуалдык ж-а коомдук аң-сезимдердин карым-катнашы, адамды коомдук мамилелердин жыйындысы катары кароо ж. б. С. п-ны матер. негизде кайра түзүү маселеси 1920-жылдары СССРде жалпы эле психологиялык илимдердин абалы ж-дегү талкууда өзгөчө көзгөлгөн. 1950-жылдардын ал-гында марксчыл методологияга таянган С. п-лык изилдөөлөр ишке ашырыла баштаган. Сов. С. п. марксчыл социологияныи, о. эле матер. психологияныи принциптеринде (аң-сезим ж-а иш аракеттин биримдиги принциби ж. б.)таянат. Необихевиоризм, психоанализ, интеракционизм концепцияларына каршы күрөшүү ботөнчө маанеге ээ. Азыркы С. п-ныи негизги багыттары: С. п-ныи теориясыныи, методологиясынын ж-а тарыхыныи проблемалары; адамдардын пикирлешүү ж-а таасирленүү закон ченемдери; чоң социалдык топтордун проблемалары, личностту изилтөө ж. б.

Кырг-и философтору (А. Брудный, З. Шүкүров, Т. Каракеев, Ж. Саадан-беков ж. б.) С. п-ныи коммуникацияга, социалдык топторго байланышкан проблемаларын, семантиканын көз бир маселелерин изилдөөдө. С.-п-лык маселелер лингвистика, криминология, демография, этнография ж. б. илимдердин онугушунде да пайда болууда. Марксчыл С. п-ныи башкы максаты — личносттун көзүн боёо каражаттарын иштеп чыгуу эмес, коомдук процесстерди башкаруу системасын жакшыртуу. Ошондуктан коомдук реалдуу маселелерди чечүүдө С. п-ныи мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо, таланка жоон берерлик методологиясын иштеп чыгуу, лабор-ялык экспериментти изилдөөнүн бирден бир ыгы катары эсептебөө, жүрүм-турум закон ченемин реалдуу шарттарда изилдөөгө мүмкүндүк берчү ыктарды колдонуу чоң маанеге ээ. С. п. экспериментен тышкары байкоо, суроо, текст ж. б. ыктарды колдонот.

Ад.: Парыгин Б. Д., Основы социально-психологической теории, М., 1971; Гибш Г., Форверг М., Введение в марксистскую социальную психологию, пер. с нем., М., 1972; Социальная психология, М., 1975; Семантика и социальная психология, Фр., 1976.

СОЦИАЛДЫК РОЛЬ — коомдогу абалына жараша адамдын жүрүм-турумун аныктаган нормалардын жыйындысы ж-а алардын иш жүзүнө ашырылышы. С. р. ж-дегү түшүнүктү илимге амер. социологдор Р. Линтон ж-а Ж. Мид 1930-жылдарда киргизген. С. р. ж-дегү түшүнүктүн пайда болушу личностту — социалдык кубулуш катары кароого өткөн оң тенденцияны көрсөткөн. Ал марксчыл социология м-н психологияда да колдонулат. Марксизм-ленинизм коомдун социалдык структурасын изилдөөдө тапка чечүүчү маани берип, С. р-ду экинчи планга коёт. Адам инимдеги С. р. м-н гана чектелбейт, ошондуктан ролдор б-ча гана изилдөө коомдук өнүгүүнү көрсөтүүгө жетишсиз.

СОЦИАЛДЫК СТАТУС — индивиддин же топтун социалдык системага мүнөздүү бир катар белгилери м-н аныкталган салыштырмалуу абалы. Бирдей С. с-тагы адамдар личносттун «социалдык тиби» катары каралуучу окшош белгилерге ээ. Адам белгилүү бир С. с-ка өз күчү м-н жетип же мурас катары алышы да мүмкүн. С. с-тар ар кандай **социалдык кадыр-баркка** ээ. Бурж. социологияда статус өзгөчө «жашоо стилине» ээ адамдардын жалпылыгы деп каралып, аның таптык мүнөзү жокко чыгарылат. Марксизм-ленинизм б-ча С. с-ту таптык мамилелер аныктайт.

СОЦИАЛДЫК СТРУКТУРА—социалдык ин-ттардын мүнөзү, эмгектин бөлүнүшү, таптардын ж. б. социалдык топтордун өз ара мамилелери м-н шартталган социалдык системанын элементтеринин арасындагы туруктуу ж-а ыраатгуу байланыштар тармагы. Бүт коомдук мамилелерди өз кучагына камтыган жалпы коомдун С. с-сы өндүрүш, саясат, илим, мад-т ж. б. системачаларынан айырмаланат. Марксизм-ленинизм б-ча экон. структура башка С. с-ларды аныктайт, о. эле алардын таасирин туят (к. *Тарыхый материализм, Коомдук-экономикалык формация*). Коомдо таптын структурасы зор мааниге ээ. Коомду башкаруу муктаждыгы калктын С. с-сын башка белгилер — адистик, улуттук, курак ж. б. б-ча изилдөөнү пайда кылат.

СОЦИАЛДЫК ТОП — белгилүү тарыхый коомдун чегинде калыптанып, жалпы кызыкчылыкка, дөөлөткө ж-а жүрүм-турумга ээ болгон адамдардын туруктуу тобу. Ар бир топто индивиддердин өз ара ж-а алардын жалпы коом м-н болгон бөтөнчө белгилери (мүнөздүү окшоштуктардан турган) көрсөтүлөт. С. т-тордун көп түрдүүлүгү ушундай байланыштардын көп түрдүүлүгү м-н аныкталат. Англ. философ Т. Гоббс жалпы кызыкчылыгы ж-а ишп б-ча бириккен белгилүү сандагы адамдар С. т. болот деп эсептеген. Австриялык социолог Л. Гумплович С. т-ту негизин биол. раса түзөт деген. С. т. ж-дегү бурж. теориялар С. т-ко таптык талдоо жүргүзбейт.

Марксизм С. т-ту тарыхый ж-а таптык принципте карайт. О. эле С. т. сапаттык гана эмес, сандык (чоң, орто, майда С. т.) жагынан да мүнөздөлөт. Чоң С. т. адамдардын бүт коомдун (өлкөнүн) масштабындагы жыйындысы. Мис., таптар, социалдык катмарлар, кесиптик топтор, этностук жалпылык (улут, эл уруу), курак топтору (жаштар, пенсионерлер) ж. б. Майда С. т-тор — үй-бүлө, биринчи өндүрүш ячейкасы (бригада), коңшулар, достук компаниялар, мектеп класстары ж. б. Ал эми бир ишканада иштегендердин өндүрүштүк бирикмеси ж-а бир аймакта (айылда, шаарда, райондо) жашагандар орто (же локалдык) топту түзүшөт. Антагонисттик таптык коомдо С. т-тун системасында карама-каршылык орун алат. Ал эми социализмдин шартында мындай карама-каршылык жоюлат.

Ад.: Щепаньский Я., Элементарные понятия социологии, пер. с польского, М., 1969.

СОЦИАЛДЫК ТҮЗҮЛҮШ — өзүнө мүнөздүү өндүрүштүк, коомдук мамилелери ж-а саясий уюмдары бар коомдук, мамл. түзүлүш системасы (мис., соц. түзүлүш, капит. түзүлүш). С. т. — *коомдук-экономикалык формация* түшүнүгүнүн синоними.

СОЦИАЛДЫК ЧӨЙРӨ — адам турмушун курчап турган коомдук, материалдык ж-а рухий шарттар. С. ч. кең мааниисинде (макрочөйрө) коомдук-экон. системаны — өндүрүч күчтөрдү, коомдук мамилелердин ж-а ин-тардын жыйындысын, коомдук аң-сезимди, мад-тты толук өз кучагына алат. Тар мааниисинде (микрочөйрө) адамды курчаган чөйрөнү, үй-бүлөнү, эмгек коллективин ж. б. билдирет. С. ч. личносттун калыптанышына ж-а өсүшүнө чоң таасир тийгизет, ошондой эле ал адам ишмердигинин натыйжасында өзү да өзгөрөт. к. *Ач-сезим, Бытие, Маданият, Социалдаштыруу, Тарбия*, о. эле *Географиялык чөйрө*.

СОЦИАЛИЗМ (фр. socialisme, лат. socialis — коомдук дегенден) — 1) коммунисттик формациянын биринчи баскычы. С-дин экон. негизин өндүрүш каражаттарынын коом менчиги болушу, саясий негизин марксгик-лениндик партия башында турган жумушчу табы жетекчилик роль ойногон эмгекчилер бийлиги түзөт. С.— адамды адам эзбөөчү, эл жыргалчылыгын жогорулатуу ж-а коом мүчөсүнүн ар тараптан өркүндөшү үчүн план ченемдүү өнүгүүчү коомдук түзүлүш. 2) Ил. С.—С-дин орнотуунун тарыхый зарылдыгын ж-а аның акылдуун илимге өсүп чыгуу жолдорун ачып көрсөтүүчү илим, марксгик-лениндик теориянын болүгү (к. *Марксизм-ленинизм, Илимий коммунизм*).

С. ж-дегү окуунун чыгышы ж-а өнүгүшү акыйкат коомду түзүүгө, эзилген таптардын бомбулукка ж-а эзүүгө каршы ааразылыгын туюнтуугa байланыштуу пайда болгон. С. теорияларын системалаштырууга утопиялык социализмдин өкүлдөрү (Т. *Мор*, Т. *Кампанелла*) алгач аракеттенген. С-дин утопиялык идеяларын А. *Сен-Симон*, Ш. *Фурье* ж-а Р. *Оуэн* кеңири баяндаган. Алардын көз караштары марксизм булактарынын бири болгон. Утопиялык С-дин өкүлдөрү капит. түзүлүштүн кемчиликтерин сындап, акыйкат коомду кууруга үндөгөнү м-н өз теорясын жумушчу табынын рев-ячыл күрөшү м-н байланыштыра да, ил. деңгээлге көтөрө да алган эмес. Орус рев-ячыл демократтары Н. Г. *Чернышевский*, А. И. *Герцен* С-ди орнотууну эл массасынын рев-ячыл күрөшү м-н байланыштырган. Бирок алар да коомдун өнүгүү закон ченемин ж-а жумушчу табынын рев-ячыл ролун билген эмес. Утопиялык С. м-н катар С-дин бурж. ж-а майда бурж. түрлөрү да кеңири тараган. Аларды К. Маркс м-н Ф. Энгельс *«Коммунисттик партиянын манифестинде»* сындаган. К. Маркска чейинки С. өкүлдөрү коом өнүгүшүнүн закон ченемдерин ж-а жумушчу табынын С-ди рев-я жолу м-н орнотууга жөндөмдүү күч экенин түшүнгөн эмес. К. Маркс ж-а Ф. Энгельс 19-к-дын 2-жарымында коомдук илимдерде рев-ячыл төңкөрүш жасап, С-ди утопиядан илимге айландырган. Алар С-ге ил. мүнөздөмө берип, капитализмдин сөзсүз С. м-н алмашаарын негиздеп, аның олуттуу белгилери м-н өнүгүү закон ченемде-

рин ачкан. С. ж-дөгү окуусу В. И. Ленин жаңы тарыхый доор — адамзат коомунун капитализмден коммунизмге өтүү доорунда чыг-лык м-н өнүктүргөн. Бул окуу КПСС ж. б. марксчыл-ленинчил партиялардын ишаракеттеринде, эл аралык коммунисттик ж-а жумушчу кыймылынын документтеринде, марксчыл окумуштуулардын изилдөөлөрүндө байып, тактанып ж-а өнүгүп жатат.

С.— коммунизмдин биринчи баскычы. Ал капит. өндүрүш ыгын рев-я чыл жол м-н кыйраткандан кийин капитализмдин ордуна орнойт. С-дин материалдык өбөлгөлөрү капитализмде эле пайда болот. С. чаржайыт эмес, эл массасы тарабынан ач-сезимдүү курулат. Тарыхта биринчи С. СССРде 20-кылымдын 30-жылдарынын ортосунда курулду. Кыска мөөнөттө эл чарбасынын олуттуу тармактары кайрадан курулуп, артта калуучулук жоюлду (к. *Индустриялаштыруу*).

Экинчи дүйн. согуштан (1939—45) кийин *социализмдин дүйнөлүк системасы* пайда болду. С. өндүрүш каражаттарынын жеке менчик болушун, адамды адам эзүүнү, коомдук өнүгүүдөгү антагонизмди жоюп, экон. прогресстин мүнөзү м-н максатын өзгөртту. С-дин принциби: «Ар кимден — жөндөмдүүлүгүнө жараша, ар кимге — эмгегине жараша», максаты: коомдук өндүрүштү тынымсыз өнүктүрүү ж-а өркүндөтүү аркылуу элдин өсөлөө материалдык ж-а маданий муктаждыгын улам толук канааттандыруу.

С-дин экон. түзүлүшү ага шайкеш материалдык-тех. базасы, өндүрүш каражаттары, коомдук менчикке негизделген өндүрүш мамилелер системасы м-н мүнөздөлөт (к. *Социалисттик менчик*). С-дин материалдык-тех. базасын эл чарбасынын бардык тармагын камтыган машиналуу ири өндүрүш түзөт (к. *Коммунизмдин материалдык-техникалык базасы*). Ал эми машиналуу ири өндүрүштүн негизинде соц. өндүрүш мамилелери калыптанып, орнойт. Соц. өндүрүш мамилелери өндүрүгүч күчтөрдүн тез ж-а пландуу түрдө өсүшүн камсыз кылат. Өндүрүш мамилелеринин өндүргүч күчтөрдүн мүнөзүнө ылайык келиши, өндүрүш каражаттарынын жапырт коомдук менчикке негизделиши С-дин экон. түзүлүшүнүн белгилүү өзгөчөлүктөрүнөн болот. Коомдук менчик м-н бирге С-де граждандардын өз менчиги сактала берет (к. *Өз менчик, Колхозчу үй-бүлөнүн комок чарбасы*). С-дин өндүрүш мамилелери бүтүндөй бир бирдиктүү системаны түзүп, ага анын экон. категориялары м-н закондору ылайык келет. Алардын ичинен *социализмдин негизги экономикалык закону* көрүнүктүү орунду ээлейт. Бирок экон. закондор коомдук өндүрүштү өз алдынча жөндөө ролуна ээ болбой калат. Өндүрүштү тынымсыз өстүрүүнү көздөп, аларды коом ач-сезимдүү колдоно билет. С-дин экон. түзүлүшүнө таандык белгилүү чарб. механизм, б. а. экономиканы башкаруунун пландуу системасы, чарба жүргүзүүнүн ага ылайык формалары ж-а методдору пайдаланылат. Бул системанын негизи — бирдиктүү жалпы мамл. чарб. план (к. *Эл чарбасын пландаштыруу*).

С-дин социалдык-саясий түзүлүшү эки боордош тап — жумушчу табы м-н кооперативдеги (колхоздошкон) дыйкандардын, о. эле элдик интеллигенциянын болушу, соц. *мамлекеттин* орношу ж-а өнүгүшү м-н мүнөздөлөт. С-де экон. кайра куруунун негизинде эзүүчү таптар ж-а катмарлар жоюлуп, бүткүл коом эмгекчилерден турат.

Соц. рев-я жеңгенден кийин *пролетариат диктатурасы* орнойт. Бул С-дин куруу үчүн зарыл шарт. Чарбанын соц. формалары ж-а жумушчу табы м-н колхоз дыйкандарынын, интеллигенциянын союзу чыңалган сайын пролетариат мамлекети жалпы элдик соц. мамлекетке айланат. Бардык соц. өлкөлөрдө мамлекеттин жаратылышы, милдети, иши бирдей, формалары ар кыл. Советтер Союзунда мамлекет формасы — *Эл депутаттар совети*, башка соц. өлкөлөрдүн көбүндө — *элдик демократия*.

С-дин социалдык-саясий системасында *жумушчу табы* жетекчилик роль ойнойт. Анткени ал — коомдун негизги өндүргүч күчү. Жумушчу табынын соц. коомдук мамилелер системасындагы жетекчи абалы анын рев-ячылдыгы, тартиптүүлүгү, уюшкандыгы ж-а биримдиги м-н түшүндүрүлөт. Соц. коомдун саясий негизин жумушчу табы м-н колхоз дыйкандарынын союзу түзөт. С-дин өнүгүшү м-н *дыйкандардын* социалдык маңызы ж-а психологиясы өзгөрүп, аларда жумушчу табына окшош белгилер пайда болот. С. шартында *интеллигенциянын* саны жумушчулар м-н дыйкандардан чыккан интеллигенттердин эсебинен дагы көбөйөт. Жумушчу табы, дыйкандар ж-а интеллигенциянын ортосундагы айырмачылыктардын барган сайын жоюлушу — С-дин өнүгүшүнүн объективдүү закон ченеми. Соц. коомдун социалдык-саясий турмушунда олуттуу орунду улуттардын ж-а элдердин тең укуктуулугунун бекемделиши, алардын акырындан өз ара жакындашуу процесси ээлейт (к. *Улут маселеси*). Соц. тарыхый жаңы жалпылык—*совет эли* калыптанды.

Соц. коомдун саясий түзүлүшүнүн өнүгүү негизинде демокр. принциптер турат (к. *Демократия*). Соц. демократияда саясий эркиндик (сөз, басма сөз эркиндиги, шайлоого, шайлануура укуктуулук ж. б.), социалдык укук (эмгектенүү, эс алуу, билим алуу ж. б.), бардык элдин ж-а улуттун, аял-эркектин бирдей укуктуулугу аркылуу, алардын чыдыгында иш-ке ашырылышы м-н адамдын эркин, ар тараптан өнүгүшүнө ыңгайлуу шарт түзүлөт.

Соц. коомдун багыттоочу ж-а жетектөөчү күчү — маркстик-лениндик партия. Ал жумушчу табынын, колхоз дыйкандарынын ж-а интеллигенциянын алдыңкы, аң-сезимдүү бөлүгүн бириктирет (к. *Советтер Союзунун коммунисттик партиясы*). Партия жетекчиликти мамл. органдар, профсоюздар, жаштар ж. б. массалык коомдук уюмдар аркылуу ишке ашырат. Соц. коомдун идеологиясы, моралы ж-а мад-ты маркстик-лениндик идеологиянын чыңалышы, коммунисттик адеп принциптеринин бекемделиши, коом мүчөлөрүнүн мад-ты м-н билимининн өсүшү, ад-т м-н иск-вонун ар тараптан гүлдөшү м-н мүнөздөлөт. С. коммунизмдин биринчи баскычы катары адам коомунун өнүгүшүндө бүткүндөй тарыхый доорду камтып, анын бир катар олуттуу бөтөнчөлүктөрү ж-а белгилери бар. Оошо м-н С-де өндүргүч күчтөр, экон. мамилелер, коомдук турмушту уюштуруу формалары ж-а методдору кылка өнүгөт. С-дин куруу капитализмден С-ге өтүү мезгилин аныктады дегендикке жатат. СССРде С-дин толук ж-а биротоло жеңиши ж-дөгү корутунду КПССтин 21-съездинин (1959) чечимдеринде белгиленген. Соц. өлкөлөрдүн тарыхый тажрыйбасы С-дин экн: алгачкы, биринчи ж-а өнүккөн этабы бар экендигин көрсөттү. Алгачкы этап С-дин негизинен куруп, өнүккөн С-ге өтүү м-н аяктайт. СССР өнүккөн С. этабына 60-жылдардын башында өттү. 70-жылдардын орто ченинен Европадагы бир катар соц. өлкөлөр өнүккөн С-ди куруу милдетин коюшту.

Өнүккөн социализмди куруу: 1) экономика жагынан — коомдук өндүрүш масштабын бир канча эсе көбөйтүү, ил.-тех. революциянын жетишкендиктерин өздөштүрүү, кеңири кайталанма өндүрүштү үргаалдаштыруу, коомдук менчиктин ж-а өндүрүш мамилелеринин жетик баскычы, эл чарбасын турмушту жакшыртууга ж-а жеке адамдын ар тараптан өнүгүшүнө багыттоо; 2) социалдык-саясий жагынан — коомдун социалдык жактан бирдигинин өркүндөшү, жумушчу табынын жетекчи ролунун өсүшү, пролетариат диктатурасынын жалпы элдик мамлекетке айланышы, улуттар м-н элдердин толук тең укуктуулугуна жетишүү, соц. демократиянын өнүгүшү, өндүрүштү ж-а бардык коомдук ишти башкарууга эмгекчилердин кеңири тартылышы; 3) рухий турмуш жагынан — маркстик-лениндик идеологиянын бүт үстөмдүк кылышы, өлкөнүн бардык калкынын билим деңгээлинин жогорулугу, мад-т м-н исквонун гүлдөшү, алардын жетишкендиктерине бүткүл социалдык топтордун катышыны дегенди түюнтат. Соц. улам жетилген сайын акырындап коммунизмдин жог. баскычына өтүү өбөлгө ж-а шарт түзүлөт. Бул процесс айрыкча өнүккөн соц. коом учурунда күчөйт.

С-дин коммунизмге өсүп чыгышы — коммунисттик өндүрүш ыгынын объективдүү закон ченеми. Коммунизмге өтүүдө коммунизмдин материалдык-тех. базасын түзүү, соц. коомдук мамилелерди коммунисттик мамилелерге айландыруу ж-а жаңы адамды калыптандыруу милдети чечилет.

С-дин куруу ж-а анын коммунизмге өтүшү КПСС м-н боордош маркстик-лениндик партиялардын ил. коммунизм теорияларын чыг-лык м-н өнүктүрүшүнө таянат. Алар С-дин буржуазиячыл «теорияларына» — оңчул ж-а солчул оппортунисттердин ж-а ревизионисттердин «рынок» С-и, «демократия» С-и, *маоизм, конвергенция теориясы*, «казарма коммунизми», «улут» С-и сыяктуу ар кыл теорияларга каршы чечкиндүү күрөш жүргүзүүдө. Бул теориялардан конвергенция теориясы кеңири тарады. Бул теория капит. ж-а соц. системалар экон. жактан жакындашып, идеол. ж-а саясий айырмачылыктары жоюлуп, экономун орто сунда карама-каршылык жок болот деп далилдөөгө умтулат. Бүткүл дүйн. тарыхый тажрыйба, айрыкча С-дин дүйн. системасындагы өлкөлөрдүн тажрыйбасы марксизмге жат мындай түрдүү теориялардын негизсиздигин айкын далилден олтурат. Ил. С. гана С. м-н коммунизмди куруунун объективдүү процесстерин ж-а жолдорун терең талдап, ар тараптан түшүндүрүүгө жөндөмдүү экендигин ырастады.

Азыркы шартта С. чыныгы иш жүзүндөгү коом болуу м-н бир канча өлкөдө орнол, дүйн. системага айланды. С. дүйн. коомдук өнүгүшкө зор таасир тийгизип, капитализмден өз артыкчылыгын далилдөөдө.

Ад.: Маркс К., Энгельс Ф., Коммунисттик партиянын манифести, Фр., 1975; Маркс К., Критика Готской программы, Соч., 2 изд., т. 19; Ленин В. И., Мамлекет жана революция, Чыг., кырг. 1-бас., 25-т.; ошонуку, Совет бийлигинин кезектеги милдеттери, ошондо, 27-т.; Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Программасы, Фр., 1972; КПССтин XXV съездинин материалдары, Фр., 1977; Брежнев Л. И., Лениндик жол менен, Фр., 1—5-т., 1971—78; Косыгин А. Н., Избр. речи и статьи, М., 1974; Суслов М. А., Избранное. Речи и статьи, М., 1972; Научный коммунизм, под редакцией Федосеева Н. П., М., 1978; Развитие В. И. Лениным экономической теории социализма и коммунизма, М., 1969; Гатовский Л. М., Экономические законы и строительство коммунизма. (Очерки политической экономии), М., 1970; Развитое социалистическое общество: сущность, критерии зрелости, критика ревизионистских концепций, 2 изд., М., 1975.

СОЦИАЛИЗМ — Ош обл-нын Кара-Суу р-ндагы Мады айыл советине караштуу кыштак. Фрунзе атн. к-дун аймагында. Райондун борбору ж-а т. ж. станциясы Кара-Суу ш-нан 36 *км* түш. таранта. Калкы 1041 (1979). Медпункт бар.

СОЦИАЛИЗМ — Ош обл-нын Ленин р-нундагы Бүргөндү айыл советине караштуу кыштак. Карл Маркс атн. к-дун аймагында. Райондун борбору Ленин-Жолдон 48 *км* батыш таранта. Байток т. ж. станциясынан (Өзбек ССРи) 10 *км*. Калкы 936 (1979). Орто мектеп, клуб, китепкана бар.

СОЦИАЛИЗМДИН ДҮЙНӨЛҮК СИСТЕМАСЫ — кызыкчылыгы м-н максаты бирдей, тилектеш, социализмди ж-а коммунизмди куруп жаткан эркин мамлекеттердин социалдык, экон. ж-а саясий достугу. С. д. с-ндагы өлкөлөрдүн экон. негизи, мамл. түзүлүшү, идеологиясы, кызыкчылыгы, максаты бир. Алар: өндүрүш каражаттарынын жалпы менчик болушу; жумушчу табы ж-а анын авангарды — коммунисттик ж-а жумушчу партиялары башында турган элдик бийлик; маркстик-лениндик идеология; рев-янын жеңип алгандарын сактоо; тынчтык үчүн күрөш ж-а улуттук көз карандысыздык үчүн күрөшүп жаткан элдерге жардам берүү; коммунизм куруу. С. д. с-нын пайда болушу — *капитализмдин жалпы кризиси* мезгилинде дүйн. экон. ж-а саясий күчтөрдүн өнүгүшүнүн закон ченемдүү натыйжасы. С. д. с.— Улуу Окт. соц. рев-ясынын түздөн түз уландысы. Элдердин бошт. күрөшүнүн натыйжасында Борб. ж-а Чыгыш Европадагы бир топ өлкөлөрдө (Албания, Болгария, Венгрия, Польша, Румыния, Чехосл-я, Югосл-я), о. эле 1944—49-жж. Корей ж-а Вьетнам элдеринин күрөшүндө элдик-демокр. ж-а соц. рев-я жеңип чыкты. Ошол мезгилден социализм бир өлкөнүн (СССРдин) чегинен чыгып, анын дүйн. системага айлануу процесси башталды. 1949-ж. соц. жолго ГДР, Кытай түшкөн. 1959-ж. С. д. с-на Батыш жарым шардагы өлкө — Куба кошулду.

Европа м-н Азиядагы бир топ өлкөдө соц. рев-я жеңген соң акырындап соц. интернационализмдин принциптерине негизделген жаңы, соц. эл аралык мамилелер калыптана баштаган. Бул принциптер соц. өндүрүш ыгына негизделген. С. д. с-нын биримдигине маочулардын шовинисттик антисов. курсу катуу зыян келтирди (к. *Маоизм*). Бирок ошого карабастан С. д. с. барган сайын ар тараптан чыңалууда. 1949-ж. *Экономикалык өз ара жардамдашуу совети* (СЭВ), ал эми 1955-ж. Варшава келишими түзүлгөн. 1960-жылдардын орто сунан СЭВ өлкөлөрү экон. кызматташтыктын дагы терең ж-а комплекстүү формаларына өтүштү (к. *Социалисттик экономикалык интеграция*). С. д. с-нын өнүгүшү м-н соц. интернационализм чыңалууда. С. д. с.— согуш ж-а басып алуучулук салгатка каршы күрөшкөн, тынчтык үчүн ыраатту күтурган, тынчтык үчүн ырааттуу күрөшкөн негизги күч. Азыр импер. мамлекеттер С. д. с-нын тынчтыкты сүйүүчү саясаты ж-а коргонуу кубаттуулугу м-н эсептешпей коё албайт. Соц. кызматташтыктын чегинде соц. өлкөлөр барган сайын өз ара жакындашууда. Бул социализмдин ж-а коммунизмдин дүйн. масштабда жеңишин үчүн ыңгайлуу шарт түзөт.

Ад.: Ленин В. И., О закономерностях возникновения и развития социализма и коммунизма. (Сб.), М., 1960; КПССтин XXV съездинин материалдары, Фр., 1977; Устав Совета Экономической Взаимопомощи, в кн.: Многостороннее экономическое сотрудничество социалистических государств, (Сб. документов), 2 изд., М., 1972.

СОЦИАЛИЗМДИН НЕГИЗГИ ЭКОНОМИКАЛЫК ЗАКОНУ — өндүрүштүн соц. ыгынын өнүгүшүнүн бардык негизги жагын ж-а процессин, анын маанисин аныктоочу, соц. өндүрүштүн максатын ж-а ал максатка жетүү жолун көрсөтүүчү закон. Закондун мазмуну ил.-тех. прогресстин негизинде соц. өндүрүштү тынымсыз өнүктүрүп, өркүндөтүүнүн натыйжасында коомдун бардык мүчөлөрүнүн дайыма өсө берүүчү материалдык ж-а маданий керектөөсүн максималдуу канааттандырууну камсыз кылууда турат. Соц. экономиканын өнүгүшүндө С. н. э. з. чечүүчү маанинге ээ. Бул закондун алгачкы жоболору В. И. Лениндин эмгектеринде ачык көрсөтүлгөн. В. И. Ленин 1902-ж. РСДРПнин программасынын долбоорунда капит. коомду соц. коом м-н алмаштыруунун максаты — соц. коомдун бардык мүчөсүнүн керектөөсүн толук канааттандыруу ж-а алардын ар тараптан эркин өсүшүн камсыз кылуу болуп саналарын белгилеген.

Капитализмде өндүрүштүн максаты элди эзүү, бүлгүнө ж-а жакырчылыкка дуушар кылуу, эл чарбаны милитаризациялоо аркылуу максималдуу пайда алууну камсыз кылуу болсо, социализмде жаңы техниканы өндүрүмдүү пайдаланып, соц. өндүрүштү өркүндөтүүнүн негизинде эл керектөөсүн максималдуу камсыз кылуу болуп саналат.

С. н. э. з. элдин тиричилик деңгээлин тынымсыз көтөрүүнү талап кылат. Ага ылайык биздин өлкөдө эмгекчилердин реалдуу кирешеси ж-а керектөөлөрү жыл сайын өсүүдө. Эмгекчилердин талап кылууларын канааттандыруунун деңгээлин төмөндөгү маалыматтардан көрүүгө болот.

Болжолдуу эсеп б-ча өнөр жай м-н курулуштагы жумушчуларга берилген төлөмдөр м-н жеңилдиктер 1913-жылга салыштырганда 1975-ж. 30 эседен ашык, дыйкандарга коомдук фонддудан берилүүчү төлөмдөр м-н жеңилдиктер, пенсиянын, акысыз мед. жардамдын, акысыз билим алуунун ж. б-нын жалпы суммасы 50 эседен ашыгыраак өскөн. Студенттер м-н атайын окуу жайларынын окуучуларынын стипендиясы да көбөйдү. Сов. элдин турмуш деңгээлинин жакшырышына кеңири керектелүүчү ө. ж. жана а. ч. азык-түлүгүнүн көп чыгарылышы негиз болду. Оор ө. ж-ды тез өнүктүрүүнүн натыйжасында эл чарбасынын бардык тармагы ар тараптан өнүгүп, эмгек процесстерин механикалаштыруу, автоматташтыруу, жумушчулар м-н кызматкерлердин ке-

сиптик-тех. билимиинин өркүндөшү эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулашу.

«СОЦИАЛИЗМ ЖАНА ДИН» — В. И. Ленинди марксизмдин динге болгон мамилеси баяндалып, коммунисттик партиянын чиркөөну мамлекеттен, мектепти чиркөөдөн болуу ж-дегу талаптары түшүндүрүлүп, элди диний ишенимдерден куткаруунун жолдору көрсөтүлгөн чыгармасы. Макала 1905-ж. 5-декабрда «Новая жизнь» газетасында жарыяланган. Анда диндин социалдык тамыры ачылып, реакциячыл мацызы ашкереленген. Дин мамлекетке карата жекече иш болору, ишеним эркиндиги сакталары ж-а динге ишенгендер тең укуктуу экени белгиленген. Бирок В. И. Ленин дин марксчыл партияга карата жекече иш эмес экендигин баса көрсөткөн. Элди диндин торунан куткаруу үчүн социалдык өзүүнү жоюу зарылдыгы белгиленген. Лениндин бул макаласындагы негизги көрсөтмөлөр КПССтин атеисттик иш-чараларында жетекчеөчү маани ээ.

СОЦИАЛИЗМ МЕНЕН КАПИТАЛИЗМДИН ЭКОНОМИКАЛЫК МЕЛДЕШИ — экон. майдана жог. көрсөткүчтөргө жетишүү үчүн соц. өлкөлөр м-н өнүккөн капит. өлкөлөрдүн тынчтык мелдеши. Анын жүрүшүндө соц. коомдук түзүлүш өзүнүн артыкчылыгын ж-а чексиз күчүн иш жүзүндө далилдөөдө. В. И. Ленин тарабынан ачылган капитализмдин кылкасыз өнүгүү законунун таасири, соц. рев-ялын саясий ж-а экон. шарттарынын ар кайсы мамлекеттерде ар мезгилде жетилүүсү, соц. ж-а капит. мамлекеттердин тынчтыкта жанаша жашап туруусунун, демек алардын экон. мелдешинин эң негизги себеби болуп эсептелет. Капитализмдин жалпы кризисинин курчушу ж-а социализмдин дүйн. системасынын пайда болушу 20-к-дын 40-жылдарында мелдештин жаңы этабын, социализм м-н капитализмдин дүйн. системасынын ортосундагы мелдешти туудурду. Мелдештин негизги көрсөткүчтөрү — экон. өсүү темпи, соц. өлкөлөрдүн дүйн. өндүрүүдөгү үлүшүнүн көбөйүшү, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулашы, негизги азык-түлүк продукциясын киши башына өндүрүүнүн көбөйүшү, элдин жашоо деңгээлинин жогорулашы ж-а калктын керегин толук канааттандыруу. С. м. к. э. м. соц. чарбанын артыкчылыгын көрсөтүүдө. 1974-ж. СССРде металл кесүүчү станок, цемент, жүн кездеме, кант, май ж. б. продукция АКШдагыдан көп өндүрүлгөн. Экон. мелдеште соц. өлкөлөр жетишкен ийгиликтердин маңызын *улуттук кирешенин* өсүү темпи көргөзөт.

Өнүккөн капит. өлкөлөр м-н болгон тынчтык экон. мелдеште өзүнүн артыкчылыгын далилден, социализмдин системасы дүйн. тарыхый жеңишке жетишүүдө.

СОЦИАЛИСТТИК ГУМАНИЗМ, к. *Гуманизм.*

СОЦИАЛИСТТИК ДУСТУР ПАРТИЯСЫ (Соц. Дестур партиясы, СДП) — Тунистеги саясий партия. Бурж. улутчул «Дустур» («Конституция») партиясы бөлүнгөн соң 1934-ж. түзүлгөн; 1964-ж. октябрга чейин «Неодустур» («Жаңы дустур») аталган. СДП Франциянын Тунистеги үстөмдүгүнө каршы активдүү күрөшкөн. Анын демилгеси б-ча Тунистин көз карандысыздык декларациясы кабыл алынып, Тунис өз алдынча болгондон (1956, 20-март) башкаруучу партия. СДПнин негизги уюткусу — интеллигенттер, майда ж-а орто буржуазиянын өкүлдөрү. Ооматтуу дыйкандар м-н жумушчу табынын айрым бөлүгүндө да партиянын таасири бар. СДПнин басма сөз органы — «Аль-Амаль» ж-а «Аксьон» газеталары.

СОЦИАЛИСТТИК ЖЫЛЫМ ЗАКОНУ — улуттук кирешенин белгилүү бөлүгүнүн такай жыйылышы ж-а ал жыйымдын өндүрүштү кеңейтүүгө, өркүндөтүүгө, соц. коомдун байлыгын көбөйтүүгө, коом мүчөлөрүнүн ар тараптан өнүгүшү үчүн шарт түзүүгө жумшалышы объективдүү зарылдык экендигин чагылдыруучу экон. закон. Соц. жыйым капит. жыйымдан түп тамырынан айырмаланат. Соц. коомдо капитал жыйналбай, байлык жыйналат да, коомдук менчик болот. Капит. жыйым бурж. коомдун антагонисттик карама-каршылыгын күчөтүп, акырында аны кыйроого алып келсе, соц. жыйым коомдогу антагонисттик эмес карама-каршылыкты чечип, соц. түзүлүштү чыңдоого, акырындык м-н социализмдин коммунизмге өсүп чыгышына алып келет. Социализмде коомдук менчиктин, эл чарбаны планга ылайык өнүктүрүүнүн, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшүнүн, ыксыз керектөөнү жоюунун натыйжасында жыйым масштабы улам көбөйүп, темпи кыйла күчөйт. Улуттук кирешенин өсүшүнөн топтоо фондусу ж-а керектөө фондусу көбөйүп турат. Соц. жыйымдын жог. темп м-н өсүп жаткандыгына СССРдин ж. б. соц. өлкөлөрдүн эл чарбасында капиталдык салымдын жылдан жылга көбөйүшү далил. Социализм жог. жыйым нормасын камсыз кылып, коомдун бардык мүчөсүнүн жеке ж-а коомдук керегин улам толугыраак канаатандырууга мүмкүндүк берет.

Ад.: Процесс социалистического накопления, под ред. М. П. Осадько, М., 1973.

СОЦИАЛИСТТИК ЗАКОНДУУЛУК, к. *Закондуулук.*

СОЦИАЛИСТТИК ИНДУСТРИЯЛАШТЫРУУ, к. *Индустриялаштыруу.*

СОЦИАЛИСТТИК ИНТЕРНАЦИОНАЛ, Социнтерн (СИ) — с.-д партиялардын эл аралык бирикмеси, Соц. жумушчу интернационалдын жолун жолдоочусу. Комисконун (Эл аралык социалисттер конф-ясынын комитети) — социалисттердин уюмдаштыруу борборунун (1947—51) базасында 1951-ж. Франкфурт-па-Майнеде негизделген. Ошондо кабыл алынган «Демократиялык социализмдин максаттары жана милдеттери» деген программалык принциптеринде марксизмден баш тартып, «демократиялык социализм» куруу, капитализмден социализмге тап күрөшсүз, соц. рев-ясыз өтүү максатын жарыялаган. Ошол эле декларацияда жалпы тынчтык орнотулушун таанып, Бирок СИнин жетекчилери чынында НАТО өлкөлөрүнүн саясатына колдогон. 50-жылдардын аягынан эл аралык маселелер б-ча СИде эки багыт пайда болуп, биринчиси—СИнин мурдагы позицияларын өзгөртүүнү, экинчиси — ошо бойдон калтыруунү жактаган. 60-, ботонче 70-жылдарда дүйн. аренада тынчтык м-н социализмдин күч алышына ж-а капит. өлкөлөрдүн саясий турмушундагы өзгөрүүлөргө байланыштуу СИнин жетекчилери тынчтыкта жанаша жашоо принциптерин кубаттаарын, Сов. Союзунун тынчтык саясатын колдоорун билдиришкен. СИнин жетекчилеринин адепки олку-солкулуктан кийин Европадагы коопсуздук ж-а кызматташтык б-ча кеңешмени чакыруу ж-дегү соц. өлкөлөрдүн сунушун колдоп, анын ишине активдүү катышкан. Азия, Африка, Латын Америкасындагы элдердин бошт. күрөшүнө мамиле жагынан СИнин позицияларында оң жылыштар болду.

СИнин саясатында компартиялар м-н мамилелер ж-дегү маселе маанилүү орунда турат. Аның антикоммунисттик позициясы СИнин Совети м-н Бюросунун 1956-жылдагы рез-яларында белгиленген. СИнин жетекчилери социалисттер м-н коммунисттердин ортосунда «эч кандай жалпылык жок» деп эсептешет. Алар коммунисттик партиялар м-н кандай гана формада болбосун кызматташууга каршы. СИнин 11-конгрессинде (1969, июнь, Истборн, Улуу Британия) антикоммунисттик жаңы рез-я кабыл алынган. Бирок бир катар партиялар (Японияның ж-а Франциянын соц. партиялары, Финляндия ж. б. өлкөлөрдүн с.-д. партиялары) компартиялар м-н кызматташууда. Бул кызматташтык

70-жылдарда ботонче күчөдү. Ушундай шартта СИнин Бюросу 1972-ж. с. д. партиялар «башка партиялар менен эки жактуу кызматташууда эркин» деген чечим кабыл алууга мажбур болгон. СИ 56 партияны (1975, дек.) бириктирет. Буга соц. өлкөлөрдөн кеткен эмигранттар да кирет. Чыпында СИ 7,7 млн мүчөсү бар 47 партияны баш коштурун турат. СИнин жог. органы — Конгресс (2—3 жылда бир чакырылат), алардын аралыгында — Интернационалдын совети ж-а Бюросу, күндөлүк иштн Секретариат аткарат.

Ад.: Черняев А. С., Современная социал-демократия и проблемы единства рабочего движения, М., 1964.

СОЦИАЛИСТТИК ИШКАНА, к. *Социалисттик мамлекеттик өндүрүш ишканасы.*

«СОЦИАЛИСТТИК КАЗАКСТАН» — респ-калык газета, Каз-н КП БКнын, Казак ССР Жог. Советинин Президиуму м-н Мин. Советинин органы. 1919-ж. негизделип, «Ушкын» («Учкун») деген наамда чыккан, кийин газетанын аты бир нече жолу өзгөртүлгөн. 1937-жылдан «С. К.» деген ат м-н казакча Алматыда жумасына 6 жолу чыгат. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган (1957). Тиражы 153 мин (1977).

СОЦИАЛИСТТИК КЕҢИРИ КАПТАЛАНМА ӨНДҮРҮШ — соц. өндүрүштүн бардык элементи дайыма калыбына келтирилип, жаңыртылып туруучу план ченемдүү процесс. Ал соц. коомдук өндүрүш фондуларын тынымсыз жаңыртуусу, кеңитүүнү, эмгекчилердин жыргалчылыгын ж-а маданий деңгээлин жогорулатуусу, чыгылык жөндөмүн өркүндөтүүнү, дүң ж-а накта кирешени системалуу көбөйтүүнү ж-а бул процесстин кыймылдаткыч күчү болгон соц. өндүрүш мамилесин камтыйт. Тынымсыз өсүп турган эл керектөөсүн канаатандыруунун ж-а соц. өндүрүштү андан ары өнүктүрүүнүн негизги булагы болгон *улуттук кирешени* көп алуу үчүн коомдук моралдык, материалдык стимулдар, экон. каражаттар, товар-акча, финансы-кредит мамилелери пайдаланылат. С. к. к. ө. капитализмдеги кайталанма өндүрүштөн айырмаланып, кризиссиз, депрессиясыз ж-а төмөндөөсүз жүрөт да, экономиканын тынымсыз жогорулатына шарт түзөт. Соц. өндүрүштүн пландуу мүнөздө болуну эл чарба тармактарынын пропорциялаш өнүгүшүн камсыз кылат. Пропорциялаштыкты камсыз кылуу материал, эмгек ж-а финансы баланстарын түзүү м-н иш жүзүнө ашырылат. С. к. к. ө. жалпы жонунан бардык соц. өлкөлөрдө бирдей. Бирок экон. өнүгүш деңгээлиндеги, эл чарба түзүлүшүндөгү ж-а тышкы соодасындагы айырмачылыктан улам ар бир соц. өлкөнүн С. к. к. ө-үндө да өзгочолук бар.

СОЦИАЛИСТТИК КООМДУН ТАРТИП ЭРЕЖЕЛЕРИ — СССРде соц. коомдун мүчөлөрүнүн жүрүш-турушун, коомдук тартипти, уюшкандыкты жөнгө салуучу социалдык норма. Бул кеңири мааниде соц. коомдун социалдык бардык нормаларын (укук, мораль, коомдук уюмдар, адат нормаларын) камтыйт. Тар мааниде коомдук тиричилик катнашты (моралдын айрым нормаларын) жөнгө салат, мис., коомдук жайларда, үй-бүлөдө, кыматта адамдардын жүрүм-турумун жөнгө салуучу адептүүлүк, сыпаалык эрежелери. Алар соц. коомдук аң-сезимди, совет элинин эркин чагылдырат. Ага коммунизмди курууучулардын моралдык кодекси кирет. Элдердин ортосунда соц. карым-катнаштын өркүндөшүнө көмөктөшөт. Эрежелер көбүнчө ынандыруу, кээде кыстоо (мамл. же коомдук) ыкмалары м-н аткарылат. Совет эли бул нормаларды өз ыктыяры ж-а аң-сезимдүүлүк м-н сактайт. Эрежелерди бузган, эскичиликтин таасиринен чыга албаган айрым адамдарга кыстоо колдонулат. Сов. граждандардын эрежелерди өз ыктыяры м-н аткаруусу соц. укук аң-сезимдин, мад-ттын кыйлашуусуна өсүшүн, соц. закондуулуктун чыңдалышын, социалдык тартипте коомдук пайдалуу адаттын калыптанышын шарттайт.

СОЦИАЛИСТТИК МАМЛЕКЕТ, к. *Мамлекет.*

СОЦИАЛИСТТИК МАМЛЕКЕТТИК ӨНДҮРҮШ ИШКАНАСЫ — СССР эл чарбасынын негизги звеносу; мамл. эл чарба планынын негизинде иштөөчү өндүрүштүк-чарб. өзүнчө бирдик. Анын ишн борб. жетекчилик ж-а чарб. өз алдынча демилгелүү жетекчилик м-н айкалыштырылат (к. *Демократиялык централизм*). Ишкана оперативдүү башкарууну же мамл. *социалисттик менчиктин* жалпы фондусунун белүгүн түзүүчү мамл. мүлктү пайдаланын, жог. органдардын жетекчилиги астында өз коллективинин күчү м-н чарбалык эсептөөүнүн негизинде өндүрүштүк-чарб. иштерди (продукция даярдоо, жумуш аткаруу, жардам көрсөтүү) жүргүзөт. Ишкана жумушчуларды, машиналарды, сырьё ж-а материалдарды алып, өндүрүш процесстерин уюштурат, даяр продукцияны жөнөтөт, негизги фондуларды толуктайт, учёт, отчёт иштерин аткарат. С. м. ө. и. жог. мамл. органдардын — мин-вонун приказы же чечими б-ча уюштурулат да, өзүнүн уставы б-ча иш жүргүзөлөт. Ишкананын негизги функциясы — өндүрүштүк-чарб. ишти алып баруу. Ал коомдун кызыкчылыгы үчүн материалдык, эмгек ж-а финансы ресурстарын үнөмдөп, өндүрүштүк мыкты көрсөткүчтөргө жетишүүгө өзүнүн өндүрүштүк кубаттуулугун ж-а чарба ичиндеги резервдерди ж. б. толук пайдалануугa милдеттенет. С. м. ө. и-ның негизги милдеттеринe чыгарылган продукцияны өркүндөтүү, анын сапатын жакшыртуу, түрүн көбөйтүү ж-а элдин муктаждыгын канаатандыруу кирет. Үнөмдөө режимин бекем тутуу, өндүрүштү интенсивдештирүү (илим м-н техниканын жетишкендиктерин, жаңы тажрыйбаны өндүрүшкө киргизүү, сырьё, материал, отун, электр энергиясын үнөмдөө, рентабелдүүлүгүн арттыруу) ишкананын максаты болуп саналат. Ишкана мамл. бюджет, мамл. банк ж. б. м-н эсептешип, бухг., операциялык, статистикалык учётторду жүргүзөт. Ишканаңы башкаруунy уюштируу структурасы анын өндүрүштүк тибине, көлөмүнө жараша болот. Соц. өндүрүштү концентрациялоонун негизинде СССР эл чарбасында ири өндүрүштүк бирикмелер түзүлүүдө.

Ад.: КПССтин XXV съездинин материалдары, Фр., 1977; Предприятие в системе народного хозяйства, М., 1972.

СОЦИАЛИСТТИК МЕЛДЕШ — социализмдеги коомдук мамиле, эркин эмгектин жаңы мүнөзүн баяндоочу объективдүү закон ченем; соц. коомдун өнүгүшүнүн кыймылдаткыч күчтөрүнүн бири, материалдык ж-а рухий байлык өндүрүүдөгү жог. жетишкендиктер ж-а коммунизм куруунун чечүүчү шарты катары эмгекчилердин эң жог. массалык кыймылы. Мелдеш эмгекти кооперациялаштыруу процессинде келип чыккан. Капиталзмде жеке менчикке байланыштуу мелдеш акырында конкуренцияга өтөт. Социализмде болсо С. м. эмгекке умтулуунy арттырып, тилектештикке, өз ара жардамдашуугa ж-а коллективизмге негизделген. Соц. коом өнүккөн сайын С. м-тин формалары өзгөрүп ж-а өркүндөп турат. Совет бийлигинин биринчи жылдарында С. м. *коммунисттик ишембилик* ж-а эпкиндүү эмгек топтору түрүндө башталган. С. м-тин жаңы этабы — *эпкиндүүлүк* өзгөчө 1-беш жылдыкта (1929—32) күчөгөн. В. И. Лениндин 1929-ж. январда басылып чыккан *«Мелдешти кандай уюштируу керек?»* деген эмгеги С. м-тин өнүгүшүндө тарыхый роль ойногон. Ошол эле жылы май айында ВКП (б) БК «Завод жана фабрикалардын социалисттик мелдеши жөнүндө» токтом кабыл алган. 1929-жылдын аягында болгон эпкиндүү бригадалардын бүткүл союздук 1-съезди 1-беш жылдык планды 4 жылда аяктоо үчүн бут эмгекчилерге чакырык м-н кайрылган. Эл чарбасынын тех. жактан куралданышы *стахановчулар кыймылын*, жумушчулардын квалификациясынын жогорулашы изотовчулар кыймылын пайда кылган. Улуу Ата Мек. согуш (1941—45) жылдарында эки жүзчүлөрдүн, мичилердин, көп мичилердин кыймылы башталган. Согуштан кийинки жылдары С. м. бүгүнгон эл чарбасын калыбына келтирүүгө багытталган. 50-жылдардын аягында С. м-тин жаңы түрү — эмгекке коммунисттик мамиле кыймылы пайда болду.

1971-ж. 31-августа КПСС БК «Социалисттик мелдешти уюштурууну мындан ары жакшыртуу жөнүндө» токтом кабыл алып, анда С. м-тин уюштурууну жакшыртуунун негизги

жолдору көрсөтүлгөн. 1971—75-ж. КПСС БКнын, СССР Мин. Советинин, ВЦСПСтин ж-а ВЛКСМ БКнын өтмө Кызыл Туусун, «Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү» значогун ыйгаруу ж. б. белгиленген. 1976-жылдан өндүрүштүн патыйжалуулугу ж-а иштин жог. сапаты үчүн С. м. күч алды. 1977-ж. Улуу Окт. соц. рев-ясынын 60 жылдык юбилейин пйгиликтүү тосуп алуу б-ча С. м. жайылтылды. Кыргыз ССРинде ар бир область, район, колхоз, совхоздо, ө. ж. ж-а транспорт ишканаларында, ил. из. ж-а долбоорлоо ин-ттарында 10-беш жылдык планды пйгиликтүү аткаруу үчүн С. м. кеңири жайылтылып, жеңип чыгуучуларга Кырг-н КП БКнын, Кыргыз ССР Мин. Советинин, Кыргызсовпрофтун ж-а Кырг-н ЛКЖС БКнын Кызыл Туусу тапшырылууда. С. м. башка соц. өлкөлөрдө да жакшы жолго коюлган.

Ад.: Ленин В. И., Мелдешти каналдай уюштуруу керек?, Чыг., кырг. 1-бас., 26-т., ошонуку, Совет биймдигинин кезектеги милдеттери, ошондо, 29-т.; ошонуку, Улуу демилге, ошондо, 29-т.; В. И. Ленин, КПСС о социалистическом соревновании, М., 1973; Чыймылова Б. Д., История развития социалистического соревнования в промышленности Киргизии, Фр., 1977.

СОЦИАЛИСТТИК МЕНЧИК — социализмдин экон. негизин түзүүчү коомдук менчиктин белгилүү тарыхый формасы. Ал эмгекчилердин материалдык байлыкты, өзгөчө жалпы коомдун кызыкчылыгы үчүн өндүрүш каражаттарын коллективдүү ыйгарып алуу б-ча социалдык-экон. мамилелер системасын түзөт. Коомдук менчик капит. жеке менчикти жоюунун негизинде, соц. рев-янын, пролетариат диктатурасын орнотуунун ж-а негизги өндүрүш каражаттарын коомдоштуруунун жүрүшүндө пайда болот (к. *Мамлекеттештирүү*). Негизги өндүрүш каражаттарын соц. коомдоштуруу аркылуу эмгекчилерди экон. эзүү негизи биротоло жоюлат, соц. кайра түзүү, эл чарбасынын пландуу өнүгүшү үчүн объективдүү шарт түзүлөт.

Мамл. менчик — бүткүл элдин кенчи ж-а ал С. м-тин жог. ж-а негизги формасы. СССРде анын салышт. салм. 90%ти түзөт. Мамл. менчик жер, суу, токойду, ө. ж-дагы, курулуштагы ж-а а. ч-дагы негизги өндүрүш каражаттарын, транспорт м-н байланышты, банктар м-н мамл. сооданы, коммуналык ишканалардын мүлкүн, шаардык турак жай фондусун ж. б. өз кучагына алат. Колхоз-кооперация менчигинин түзүлүшүндө ж-а өнүгүшүндө менчиктин мамл. (жалпы элдик) формасы чечүүчү роль ойнойт. С. м-тин колхоз-кооперация формасы — негизинен калк менчиги болуп саналат. Менчиктин бул формасына колхоздордун ж. б. кооперация уюмдарынын, алардын биримелеринин уставдык милдеттерин ишке ашыруу үчүн зарыл өндүрүш каражаттары (коомдук ишканалар, өндүрүш курулуштары, трактор, комбайн ж. б. айыл чарба машиналары, ар түрдүү шайман, транспорт каражаттары, мал, көп жылдык мөмө бак-дарак, гидротех. курулуштар), өндүрүлгөн продукция, акча каражаттары ж. б. мүлк кирет. Колхоздордун уставдык милдеттерин ишке ашыруу үчүн аларга мамлекет тарабынан жер фондусу акысыз ж-а мөөнөтсүз пайдалануурга берилет.

Жумушчулар ж-а колхозчу дыйкандар табынын ортосундагы мамилелер коомдук өндүрүштүн өнүгүү процессинде чыңдала берет да, ал мамилелер достук ж-а өз ара жардам претинде акырындап бирдиктүү коммунисттик менчиктин түзүлүшүнө алып келет.

Сов. Союзунун жаңы Конституциясында (1977) «СССРдин экономикалык системасынын негизин мамлекеттик (жалпы элдик) жана колхоз-кооперация формасындагы өндүрүш каражаттарына болгон социалисттик менчик түзөт. Уставдык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон профсоюздук жана башка коомдук уюмдардын мүлкү да социалисттик менчик болуп саналат» деп көрсөтүлгөн.

Ад.: Маркс К., Энгельс Ф., Коммунисттик партиянын манифести, Фр., 1976; Маркс К., Капитал, т. 1, гл. 24, § 7, там же, т. 23; Ленин В. И., Коркунучтуу катастрофа жана аны менен кандай күрөшүү керек, Чыг., кырг. 1-бас., 25-т.; Виноградов В. А., Государственная социалистическая собственность: экономические преимущества, М., 1967; Проблемы социалистической собственности, М., 1973.

СОЦИАЛИСТТИК МЕНЧИККЕ КАРШЫ КЫЛМЫШТАР — сов. уголовный укук б-ча совет мамлекетинин экон. негизине зыян келтирүү максатында соц. менчикке кол салган коомдук коркунучтуу аракет. Союздаш респ-калардын УКсында С. м. к. к. атайын главага болүнгөн. Мамлекеттин же коомдук уюмдун карамагындагы менчикке (мүлкө) кол салуу (мис., сактык камерадагы мүлкө-гө кирет. Бул кылмыштар алдын ала убадалашылып, ири өлчөмдө жасалса же ал кылмыш кайталанса, кылмышкерлерге оор жаза колдонулат.

СОЦИАЛИСТТИК ӨЛКӨЛӨРДҮН ИЛИМИЙ-ТЕХНИКАЛЫК ЭМГЕКТЕШТИГИ — эмгектин эл аралык соц. бөлүнүшүнүн эң маанилүү багыттарынын бири. Бул соц. өлкөлөр ортосунда ил. ж-а өндүрүштүк тажрыйба алмашуудан, эмгек бөлүштүрүүдөн келип чыгат. Алгач ал ил.-тех. документтерди акысыз алмашууга, илим м-н техниканын жетишкендиктерин ж-а өндүрүткө алдыңкы тажрыйбаны үйрөнүп, өздөштүрүү үчүн түйшүктүү өлкөлөргө адистерди жиберип туруудан негизделген. 1970-ж. СССР соц. өлкөлөргө 76 миңден ашык тех. документти, буюм ж-а материал үлгүсүн берип, алардан 23 миң комплект алган. Эмгектештиктин жаңы этабы *социалисттик экономикалык интеграциянын* өнүгүшүнө тыгыз байланыштуу. Мунун башкы өзөгүн СЭВ өлкөлөрүнүн экон. эмгектештиги түзөт. Соц. өлкөлөр өнүгүү жолундагы ж-а өнүккөн капит. өлкөлөр м-н ил.-тех. кызматташтыгын өөрчүтүүдө. Соц. өлкөлөр *эл аралык уюмдарда* дүйн. ж-а аймактык мааниде катышат. Анда бир катар ири проблема (айлана-чөйрөнү коргоо, жаратылыш ресурстарын туура пайдалануу ж. б.) пликтелет.

СОЦИАЛИСТТИК ӨЛКӨЛӨРДҮН КОММУНИСТТИК ЖАНА ЖУМУШЧУ ПАРТИЯЛАРЫНЫН ОКУЛДОРУНУН КЕҢЕШМЕСИНИН ДЕКЛАРАЦИЯСЫ Албания эмгек партиясынын, Болгария компартиясынын, Венгрия соц. жумушчу партиясынын, Вьетнам эмгекчилер партиясынын (1977-жылдан Вьетнам компартиясы), Германия соц. бирдиктүү партиясынын, Кытай компартиясынын, Корея эмгек партиясынын, Монгол элдик рев-ячыл партиясынын, Польша биримкен жумушчу партиясынын, Румыния жумушчу партиясынын (1965-жылдан Румыния компартиясы), КПССтин ж-а Чехосл-я компартиясынын окулдорунун Москвада 1957-ж. 14—16-ноябрда өткөн кеңешмесинде кабыл алынган. Декларация дүйн. аренадагы күчтөрдүн жайгашуусундагы өзгөрүүлөрдү сүрөттөп, учурдагы доорду капитализмден социализмге өтүү доору деп белгилеген. Ал эл аралык абалды мүнөздөп келип, согуш коркунучу бар экендигин аныктаган ж-а компартиялардын негизги максаты — тынчтык үчүн күрөш деп баса көрсөткөн. Декларация коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын соц. рев-я ж-а соц. курулуш маселелери б-ча бирдей көз карашта экенин далилдеп, социализм жолуна түшүү өлкөлөрдөгү соц. рев-я м-н соц. курулуштун закон ченемин аныктаган. Бардык өлкөлөрдө ал закон ченемдин улуттук өзгөчөлүктөрү бар экени, ошондуктан ар бир өлкөнүн капитализмден социализмге өтүшү ар түрдүү формада болору белгиленген. Анда коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын ишт тажрыйбаларын жыйынтыктоо м-н коммунисттик кыймылдын өнүгүшүндөгү жаңы этап болгон.

Ад.: Коммунисттик жана жумушчу партиялардын окулдорунун 1957-жылы ноябрда Москвада болгон кеңешмелеринин документтери, Фр., 1957.

СОЦИАЛИСТТИК ӨНДҮРҮШТҮ ТОПТОМДОО (КОНЦЕНТРАЦИЯЛОО) — өндүрүштү планга ылайык кубаттуу ж-а ири ишканаларга, чарбаларга топтоо процесси. Бул процесстин жүрүшү ж-а деңгээли өндүрүчү күчтөрдүн өсүү деңгээлине жараша болот. Ил.-тех. прогресс м-н алдыңкы тажрыйбанын жетишкендиктери, жог. деңгээлде механикалаштырылган, автоматташтырылган ж-а адистештирилген ишканаларды уюштируу — өндүрүштү прилештирүүнүн негизи.

Социализм шартында негизги өндүрүш фондуларынын баары мамлекеттин карамагында болуп, өндүрүштү топтомдоо социализмдин негизги экон. закону м-н коомдук эмгекти максималдуу үнөмдөө законунун таасирине баш пет да, коомдук эмгекти патыйжалуу уюштурууга, анын өсүү темпинин жогорулашына көмөк берет. Топтомдоо — өндүрүштү уюштуруунун прогресстүү формасы. Майда өндүрүшкө караганда ири өндүрүштүн бир топ артыкчылыгы бар. Адистештирилген ири ишканаларда, чарбаларда ж-а биримкелерде кубаттуу зор агрегаттарды пайдалануурга, өндүрүштөгү технол. процесстердин көп түрүн же баарын механикалаштырууга, автоматташтырууга, демек алардын тех. деңгээлин жогорулатууга мүмкүнчүлүк болот. Мындай өндүрүштө продукциянын бирдигине эмгек аз сарп кылынып, анын наркы арзанга түшөт. Өндүрүштү ил. негизде топтомдоо кайсы гана тармакта болбосун анын экон. патыйжалуулугун жогорулатат. Соц. ө. ж. өндүрүшүндө топтомдоо механикалаштырылган ж-а автоматташтырылган ири ишканаларды куруу, ишпеи жаткан ишканалардагы агрегаттар м-н жабдууларды жаңы, кубаттуу ж-а өндүрүмдүүлөрү м-н алмаштыруу, өндүрүш биримелерин түзүү аркылуу жүргүзүлөт.

Ө. ж. өндүрүшүндө топтомдоонун деңгээли чыгарылган продукциянын көлөмү м-н ченелет. Бул максатта кээде негизги өндүрүш каражаттарынын жалпы наркы же энергетикалык установкалардын кубаттуулугу пайдаланылат, ал эми эл аралык эсепте бир ишканада иштеген жумушчулардын саны да деңгээл көрсөткүчү катары кошулуп жүрөт. Соц. а. ч. өндүрүшүндө топтомдоо көлөмү жагынан кичинекей чарбаларды бириктирүү, аларды адистештирүү, жумуш процесстерин механикалаштыруу ж-а автоматташтыруунун негизинде чарбалар аралык ж-а агрардык ө. ж. биримелерин түзүү жолу м-н жүргүзүлөт. А. ч. өндүрүшүндө да топтомдоонун деңгээли өндүрүлгөн продукция көлөмү (наркы) м-н ченелет. Чарбанын негизги тармагы катары тигил же бул а. ч. өсүмдүгүнүн аянты, малдын саны да буга кыйыр көрсөткүч боло алат. Соц. өндүрүштө топтомдоо проблемасы адистештирүүнүн ж-а коомдук эмгекти белүштүрүүнүн негизинде чечилет. Соц. мамлекеттер арасында эмгектин белүштүрүлүшү (айрыкча Экон. өз ара жардамдашуу советине кирген мамлекеттерде), ө. эле *социалисттик экономикалык интеграция* өндүрүштү топтоонун эң жог. көрсөткүчүнө жетүүгө түртүк берет.

Ад.: Вопросы оптимального размера предприятий в промышленности, М., 1968; Лившиц Р. С., Эффективность концентрации производства в промышленности СССР, М., 1971.

СОЦИАЛИСТТИК РЕАЛИЗМ — ад-т м-н иск-вонун көркөм методу. Ал— соц. коомду куруу үчүн күрөш доору м-н шартталган ж-а дүйнөнүн, адамдын социализм идеясына каныккан көз карашынын эстетикалык туюнтулушу. Анын пайда болушу ж-а өөрчүшү ар кайсы өлкөдө соц. идеянын жайылышына, рев-ячыл жумушчу кыймылынын өнүгүшүнө байланыштуу. «С. р.» деген термин Совет өлкөсүндө 1920-жылдардын аягы — 30-жылдардын башында жүргөн адабий талкууларда пайда болуп, совет ад-ты м-н иск-восунун бирден бир чыг-лык методу катары кабыл алынган. Сов. жазуучулардын 1-съездинде (1934) берилген аныктама б-ча С. р. художниктен турмушту рев-ячыл жол м-н өнүккөн тарыхый конкреттүү көрүнүш катары сүрөттөөнү талап кылат. Бул талаптын натыйжасы эмгекчилерди соц. духта тарбиялоо ж-а идеялык жактан кайра өзгөртүү милдетине шайкеш келиши зарыл. С. р. көркөм чыг-лыкта чыг-лык демилге көрсөтүүгө, ар түрдүү форма, стиль ж-а жанр тандоого эң сонун мүмкүнчүлүк түзүп берет.

С. р-дин теориялык негизи маркснзм-ленинизм классиктеринин эмгектеринде белгиленген. Ф. Энгельс келечектин ад-ты ж-де ой жүгүртүп, анда «чоң идеялык терендик, андамдырылган (осознанный) тарыхый маани текспирчил жандуулук жана таасирдүүлүк менен толуп айкалышарын» көргөн (Маркс К., Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 29, с. 492). Энгельстин көркөм ой жүгүртүүнүн тарыхый-лыгы ж-дегу пикирин улантып, В. И. Ленин «Партиялык уюм жана партиялык адабият» деген макаласында ад-ттагы парт. принципти аныктаган. С. р-дин чыгышы ж-а өөкүндөшү — дүйн. ад-ттагы тарыхый закон ченемдүү процесс.

С. р. ад-тынын алгачкы белгилери 19-к-дын орто ченинде ж-а экинчи жарымында рев-ячыл-пролетарчыл англис (чартисттер кыймылынын поэзиясы. Э. Ч. Жонстун чыг-лары), немец (Г. Гервегдин, Ф. Фрейлиграттын, Г. Веттин поэзиясы), француз (Париж Коммунасынын ад-ты, Э. Потьенин «Интернационалы») ад-ттарынан байкалган. С. р. чыг-лык метод катары эң оболу 20-к-дын башында дүйн. рев-ячыл кыймылдын борбору болуп турган Россияда (М. Горькийдин «Эне» романы) колдонулган. С. р-дин түгүч ири чыг-ларында (Горькийдин «Эне». Андерсен-Нексенин «Жеңишчил Пелле») жумушчу массасынын күжүрмөн күрөшү, ошонун таасири көрүнүп, рев-ячыл жолго түшүшү социгонун, алдык ж-а психол. зор жалпылоолор аркылуу көрсөтүлөт; баяндоолорду ишке киргизүүдө жаңы мезгил, этап, эсептикалык ачылыш болгон. Капитализмдин жалпы кризисинин башталышы, дүйн. биринчи согуш, Окт. рев-ясынын жеңиши ж-а анын айдыңынан чет өлкөлөрдө да рев-ячыл кыймылдын күчөшү дүйнөнү соц. негизде кайра куруу идеяларын туу кылган жаңы ад-ттын өсүшүнө жагымдуу шарттар түздү (А. Барбюстун «От» романы, Жон Риддин «Дүйнөнү дүңгүроткөн он күн» атчуу көркөм-документ китеби). Арийне, С. р. баарыдан мурда соц. рев-я жеңип чыккан ж-а мурдатан салттары түзүлүп калган (М. Горькийдин чыг-ларынын) Совет өлкөсүндө ачык-айкын, толук ж-а көп түстүү болуп өнүктү. М. Горькийдин «Артамоновдордун иши» романы, «Клим Самгиндин өмүрү» повесть-эпопеясы, драмалары, В. Маяковскийдин рев-ячыл духка сугарылган поэзиясы, Д. Фурмановдун «Чапаев», А. Серафимовичтин «Темир сел», А. Фадеевдин «Талкалоо», «Жаш гвардия», М. А. Шолоховдун «Тынч Дон», «Көтөрүлгөн дың», А. Толстойдун «Кыйын кезең» романдары. К. Федин, Ф. Гладков, Л. Леонов, М. Ауэзов, А. Упит, В. Лацис, О. Гончар, М. Стельмах, Ч. Айтматов, А. Токомбаев. Т. Сыдыкбеков, К. Жантөшев, Ю. Смуул, И. Мележдин прозалары, А. Твардовский, Э. Межелайтис, Р. Гамзатов, А. Осмоновдун поэзиялары буга айкын мисал. С. р-дин көркөм тажрыйбасын байытууда, о. эле К. С. Станиславскийдин, В. Э. Мейерхольдун театр өнөрү, С. М. Эйзенштейн, В. И. Пудовкин, А. П. Довженконун кинематографиялык ачылыштары, С. С. Прокофьев. Д. Д. Шостакович, А. Малыбаев, М. Абдраевдин музыкасы. Б. В. Иогансон, А. А. Дейнека, П. Д. Корин, Р. Гуттузо, Г. Айтиевдин живописгери, С. Т. Конёнков, В. И. Мухинанын скульптуралары, Б. Брехт, В. В. Вишневскийдин драматургиясы да өзгөчө роль ойногон. Өз өлкөлөрүндөгү коомдук-саясий окуялардын түздөн түз түртүксү ж-а совет ад-тынын эстетикалык тажрыйбасынын жагымдуу таасири м-н чет өлкөлөрдө да С. р-дин бийик идеялуу, жог. көркөмдүктөгү чыг-лары арбын жаралды: Л. Арагон (Франция), А. Зегерс (ГДР), М. Пуйманова (Чехосл-я), Я. Ивашкевич (Польша), Ж. Амадунун (Бразилия) эпикалык романдары, Б. Брехттин (ГДР) драмалары. П. Элюар (Франция), И. Бехер (ГДР), Н. Хикмет (Турция), В. Незвал (Чехосл-я), П. Неруда (Чили), Н. Гильендин (Куба) поэзиясы. Модернизм ад-тынан айырмаланып, С. р. ад-тынын мыкты чыг-ларынын маңызын ж-а пафосун тарыхый оптимизм м-н чыныгы гуманизм түзөт, негизги каарман болуп тарых түзүүчү эл ж-а анын алдыңкы өкүлдөрү алынып, терс көрүнүштөр коммунисттик идеалдын позициясынан сындалат. С. р. идеол. ушундай жалпы багытта өөрчүсө да, ар бир ад-тта улуттук тарыхый-көркөм салттарга ж-а дүйн.

алдыцкы ад-ттын тажрыйбасына таянат, тема, форма, жанр ж-а стиль жактан ар түрдүүлүккө умтулат.

С. р. теорпясынын түзүлүшүнө 19-к-дын аягы — 20-к-дын башындагы көрүнүктүү марксчы эстетиктер Г. Плеханов, В. Воровский, М. Ольминский, Ф. Меринг, Д. Благоев, Ю. Мархлевскийлер зор салым кошкон; 20-к-дын 20—30-жылдары А. Луначарскийдин эмгектери эл аралык маанеге ээ болгон. Чет өлкөлөрдө С. р. теорпясы б-ча эмгектенгендерден Р. Фокс, Г. Бакалов, Т. Павлов, К. Конрад, Э. Уркс, Ж. Йованович ж. б. белгилүү.

Лб.: Маркс К., Энгельс Ф., Об искусстве. Сб. ст., т. 1—2, М., 1976; Ленин В. И., О литературе и искусстве. Сб. ст., М., 1969; Горький М., О литературе, М., 1953; Луначарский А., О советской литературе, М., 1957; В спорах о методе. Сб. ст., М., 1934; Творчество М. Горького и вопросы социалистического реализма. Сб. ст., М., 1958; В борьбе за социалистический реализм. Сб. ст., М., 1959; Проблемы социалистического реализма. Сб. ст., сб. 1—2, М., 1959—60; Социалистический реализм и классическое наследие. Проблема характера. Сб. ст., М., 1960; Проблемы социалистического реализма, Сб. ст., М., 1961; Социалистический реализм в зарубежных странах, М., 1960; Социалистический реализм в литературах народов СССР, М., 1962; Генезис социалистического реализма в литературах стран Запада, М., 1965; Социалистический реализм и художественное развитие человечества, М., 1966; Национальные традиции и генезис социалистического реализма (в литературах стран народной демократии), М., 1965; Актуальные проблемы социалистического реализма. Сб. ст., М., 1969; Петров С. М., Возникновение и формирование социалистического реализма, М., 1970; Проблемы художественной формы социалистического реализма, т. 1—2, М., 1971—72; Овчаренко А. И., Социалистический реализм и современный литературный процесс, 3 изд., М., 1975; Марков Д. Ф., Проблемы теории социалистического реализма, М., 1975; Проблемы социалистического реализма. (Сб. ст.), М., 1975; Иезуитов А. Н., Социалистический реализм в теоретическом освещении, Л., 1975; Бобулов К., Пути развития реализма в киргизской литературе, Фр., 1969; ошонуку, Фольклор жана социалисттик реализм. «Ала-Тоо», 1974, № 5; Артыкбаев К., Адабият таануубуздун актуалдуу маселеси, «Ала-Тоо», 1974, № 11; Асаналиев К., «Учууга эки канаттай...», «Ала-Тоо», 1974, № 12; Жигитов С., Талаштан козголгон ойлор, «Ала-Тоо», 1975, № 1.

СОЦИАЛИСТТИК РЕВОЛЮЦИЯ, пролетардык революция — капит. коомдук-экон. формациянын коммунисттик формацияга өтүүчүн ишке ашыруучу социалдык рев-ялын жог. тибн. 1917-жылдагы Окт. соц. рев-ясы пролетариаттын социалдык рев-я дооруна жол ачты. С. р-нын негизги максаты: жумушчу табынын бийликти алышы, эски мамл. машинаны кыйратуу, өндүрүш каражаттарына коомдук менчикти орнотуу, экон. ж-а социалдык процесстерди ац-сезимдүү башкаруунун системасын түзүү, таптык ж-а улуттук антагонизмди, адамды адам эзүүчү жоюу, соц. демократияны өнүктүрүү, маданий рев-яны ишке ашыруу. С. р. эзүүнүн түрүн гана өзгөртүп, өндүрүш каражаттарына жеке менчикти жойбогон мурунку социалдык рев-ялардан түп тамырынан бери айырмаланат. Атап айтканда, ал эзүүчүлүк түзүлүштү биротоло жоюп, коомдук прогресске кеңири жол ачат. С. р-нын экон. негизин өндүрүштүн коомдук мүнөзү м-н ээлеп алуунун жеке капит. түрү ортосундагы карама-каршылык түзөт. Капитализмде өндүрүчү күчтөрдү коомдоштуруу өссө да, аның өнүгүшүн эски өндүрүш мамилелери тушайт. Алгөттө асыресе капит. өндүрүш мамилелери өндүрүчү күчтөрдүн өсүшүнүн объективдүү талабына жараша аздыр-көптүр өзгөрөт. Бирок бул утурумдук гана маанеге ээ болуп, негизги карама-каршылыкты жоё албайт.

С. р. үчүн бул объективдүү шарттан тышкары субъективдүү фактор — жумушчу табынын, эмгекчилердин социализм үчүн активдүү ж-а ац-сезимдүү күрөшү, жумушчу кыймылына соц. ац-сезимдүүлүк киргизүүчү, тап күрөшүнүн стратегиясы м-н тактикасын иштеп чыгуучу, С. р-га саясий жетекчилик кылуучу жумушчу табынын рев-ячыл марксчик партиясы (к. *Саясий партиялар*) керек.

Капитализмдин негизги карама-каршылыгы таптык мамилелерде эмгек м-н капиталдын, буржуазия м-н пролетариаттын карама-каршылыгы катары көрүнөт. С. р. жумушчу табынын таптык күрөшүнөн өсүп чыгат. Жумушчу табынын эмгекчилердин башка катмарлары м-н бекем союзу — С. р-нын жеңишинин негизги шарты. Жумушчу табы м-н дыйкандардын бекем союзу болбосо, С. р-ның жеңиши мүмкүн эмес (к. *Пролетариат гегемониясы*). С. р-да интеллигенция да зор роль ойнойт. Азыр акыл эмгеги м-н күч эмгегинин кызматкерлеринин союзу импер. монополияга каршы күрөштө олуттуу күчкө айланууда. Капитализмдин кулашына ж-а социализмдин жеңишине кызыккан жумушчу табы, дыйкандар ж-а коомдун башка катмарлары — С. р-нын саясий күчүн кураган социалдык база.

С. р-ның эң башкы ишн — жумушчу табынын саясий бийликти алып, пролетариат диктатурасын орнотушу. Бул үчүн рев-ячыл кырдаалда чыккан жалпы улуттук кризис зарыл. Тигил же бул өлкөдө бийликти алуунун түрү конкреттүү шартка ж-а таптык күчтөрдүн карым-катнашына жараша болот. С. р. тынч жол же куралдуу көтөрүлүш аркылуу жеңиши мүмкүн. Үстөм тап жумушчу табына каршылык көрсөтсө, куралдуу көтөрүлүш зарыл ж-а ал өзүн актайт. Куралдуу көтөрүлүш жалпы улуттук кризистин шартында көпчүлүк калк толук колдосо гана ийгиликке жетишет. С. р-нын тынч жол м-н өнүгүшү качан гана үстөм таптар массага каршы ачык зомбулук жүргүзө албай калганда мүмкүн. Рев-яның жүрүшү ар түрдүү болуп, окуя бат ж-а капыстан өзгөрүп тургандыктан жумушчу табы ж-а аның партиясы күрөштүн бардык формаларын билиши ж-а ар кандай өзгөрүүгө даяр турушу зарыл.

С. р. эл аралык мүнөзгө ээ. Бирок, капитализм экон. ж-а саясий текши (кылка) өнүгө албагандыктан, капитализмдин карама-каршылыктары ар кайсы өлкөдө ар кандай убакта өсүп жетилет. Карама-каршылыктын курчушу капитализмдин чынжырын чыпкасынан өтөт. С. р-нын ар кайсы өлкөлөрдө ар кайсы убакта жеңишин ушуну м-н түшүндүрүлөт. Ал адегенде 20-к-дын башында империализм системасында начар звено болгон Россияда жеңди. Улуу Окт. соц. рев-ясы монополисттик капитализмдин шарттарындагы коомдук өнүгүүнүн, тап күрөшүнүн закон ченемдүү натыйжасы болуп калды. Аның жеңиши м-н дүйнөдө биринчи соц. мамлекет пайда болду. Окт. рев-ясынын жеңиши бизднн өлкөнүн алдеринин тагдырында зор бурулуш болуп, аларды өз алдынча өнүгүүнүн, социалдык-экон. ж-а маданий прогресс жолуна алып чыкты.

Улуу Октябрь соц. рев-ясы эл аралык жумушчу кыймылы үчүн зор маанеге ээ. Ал жумушчу кыймылынын бардык отряддарына кубаттуу рев-ялык күч-кайрат берип, колониялык ж-а жарым колониялык өлкөлөрдө улуттук бошт. күрөштү жайылтып-өнүктүрүү үчүн жаңы мүмкүндүктөрдү ачты. Европанын ж-а Азиянын бир катар өлкөлөрүндө С. р-нын жеңиши социализмдин дүйн. системасынын түзүлүшүнө алып келди. Дүйн. социализм бүткүл бошт. кыймылдын өнүгүшүнө көмөк көрсөтүүдө. Азыркы доордун рев-ячыл үч улуу күчү: социализмдин дүйн. системасы, эл аралык жумушчу табы ж-а улуттук-бошт. кыймылы.

С. р-нын теорпясын К. Маркс м-н Ф. Энгельс иштеген. Алар С. р-ның сөзсүз болорун пл. далилдешкен, аның кыймылдаткыч күчтөрүн ж-а жеңиш шарттарын аныкташкан. Империализм доорунда С. р-нын теорпясын ар тараптан В. И. Ленин өнүктүргөн. Ал монополисттик капитализмдин шартында социализмдин материалдык өбөлгөсүнүн бышып жетилишин, С. р-нын бир же бир нече өлкөдө жеңишинин закон ченемдерин, рев-ядагы субъективдүү факторлордун ролун, рев-ялык кырдаалдын пайда болушун, дүйн. С. р-нын өнүгүш жолдорун айкындаган. Азыр С. р-нын теорпясын КПСС ж-а дүйн. коммунисттик ж-а жумушчу партиялар чыг-лык м-н өнүктүрүүдө. Жаңы тыянактар: тигил же бул өлкөдө рев-яның тынчтык жол м-н жеңишине оңтойлуу шарттардын бар экендиги; артта калган өлкөлөрдүн капит. эмес жол м-н өнүгүү ж-а элдик демократия мамлекеттеринин түзүлүшүнүн; коомду соц. кайра куруу да өтме баскычтардын болуу мүмкүндүгү ж. б.

Лб.: Маркс К., Энгельс Ф., Коммунисттик партиянын манифести, Фр., 1976; Маркс К., Франциядагы 1848-жылдан 1850-жылга чейинки тап күрөшү, Маркс К., Энгельс Ф., Танд. чыг., 1-т.; Энгельс Ф., Анти-Дюринг, Фр., 1964; Ленин В. И., Эмне кылуу керек? Чыг., кырг. 1-бас., 5-т.; ошонуку, Империализм — капитализмдин жогорку стадиясы, ошондо, 22-т.; ошонуку, Мамлекет жана революция, ошондо, 25-т.; В. И. Ленин о социалистической революции, М., 1977; Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Программасы, Фр., 1972; КПССтин XXV съездинин материалдары, Фр., 1977; Ленинская теория социалистической революции и современность, М., 1972; Водолазов Г. Г., Диалектика и революция. Методологические проблемы социальной революции, М., 1975; Международное рабочее движение в 8 томах, т. 1—3, М., 1976—78.

СОЦИАЛИСТТИК РЫНОК, к. *Дүйнөлүк социалисттик рынок.*

СОЦИАЛИСТТИК УКУК, к. *Укук.*

СОЦИАЛИСТТИК ЭКОНОМИКАЛЫК ИНТЕГРАЦИЯ— соц. мамлекеттердин соц. экон. маселелерди ийгиликтүү чечүү үчүн өндүрүчү күчтөрдү өркүндөтүү, пл.-тех. эң жог. ийгиликтерге жетишүү, эл жыргалчылыгын арттыруу, улуттук экономиканы чыңдоо максатында бириктештиги. Экон. интеграция багыты — *Экономикалык өз ара жардамдашуу советине* (СЭВге) кирген өлкөлөрдүн бирдиктүү багыты. Бул КПССтин, СЭВге мүчө өлкөлөрдүн коммунисттик ж-а жумушчу партиялары м-н өкмөттөрүнүн съезд, пленумдарынын документтеринде чагылдырылган. СЭВдин 23-(1969-ж. апр., атайын), 24-(1970-ж. май) сессияларынын чечимдеринде ж-а ошол чечимдерди жүзөгө ашыруу б-ча 25-(1971-ж. июль) сессияда кабыл алынган комплекстүү программада экон. интеграция программалык көрсөткүч катары белгиленген. Ал эмгектин соц. эл аралык бөлүнүшүнө, алардын экономикасынын айкалышына, жог. натыйжалуу улуттук чарбанын калыптанышына, алардын экон. өнүгүшүнүн акырындан жакындашын тегиленишине, илим м-н техниканын пайдаланылышына, эл аралык рынокту чыңалышына, кеңишине туруктуу ж-а жеткиликтүү байланышты түзүүгө, акча-товар мамилесин өркүндөтүүгө түздөн түз көмөктөшөт. Мындай процесс соц. интернационализмди, мамлекеттин өз алдынча өнүгүшүн урматтоо, улуттардын кызыкчылыгын көздөө, өлкөнүн ички ишине кийлигишпөө, жеткиликтүү тең укуктуулук м-н өз ара жардамдашуу аркылуу жүзөгө ашырылат. СЭВ мүчөлөрүнүн экон. ж-а илт.-тех. өз ара жардамы соц. ж-а коммунисттик курулуштун жалпы закон ченемине ж-а соц. экономиканы жетектөөнүн негизги принциптерине негизделет. Бул программа 15—20 жылга эсептелген. Ал өндүрүштү эл аралык адистештирүү ж-а кооперативдештирүү, продукциянын жетишсиз түрлөрүн чыгаруу үчүн соц. өлкөлөрдүн биргелеп аракетинин, при курулуштарды куруудагы өз ара жардамдашуу консультациясын ишке ашыруу багытын аныктайт. Комплекстүү программа С. э. и-ның негизи катары ар өлкөнүн кызыкчылыгын, СЭВ мүчөлөрүнүн өндүрүчү күчтөрүнүн натыйжалуулугун жогорулатууну, социализмдин дүйн. системасынын кубатынын артышын эске алат. С. э. и. СЭВ мүчөлөрүнүн ж-а Азия, Африка, Латын Америкасынын өнүгүүчү жолундагы өлкөлөрү, о. эле өнүккөн капит. мамлекеттер м-н экон. байланышын өөрчүтүүгө тоскоол болбойт. Капит. интеграцияда импер. мамлекеттер чабал ж-а көз каранды өлкөлөргө кожоюндук кылып, при монополия капиталы ал элдерди эзсе, С. э. и. эл жыргалчылыгын арттырууга жол ачат.

Лб.: КПССтин XXV съездинин материалдары, Фр., 1977; Комплексная программа дальнейшего углубления и совершенствования сотрудничества и развития социалистической экономической интеграции стран-членов СЭВ, М., 1971; Бутенко А. П., Социалистическая интеграция, ее сущность и перспективы, М., 1971; Ладыгина Д. Н. [и. др.], Социалистическая экономическая интеграция, учеб. пос., М., 1977.

СОЦИАЛИСТТИК ЭМГЕКТИН БААТЫРЫ — СССРде чарбалык ж-а маданий курулушта өзгөчө жетишкендиги үчүн ыйгарылчу эң жог. наам. Ал СССР Жог. Советинин Президиумунун 1938-ж. 27-декабрдагы указы м-н белгиленген. Өндүрүштө, а. ч-да, транспортто, илим м-н техникада ири жетишкендиктери, эл чарбасына, маданына, илимге ж. б. кошкон зор салымы үчүн СССР Жог. Советинин Президиуму эң жог. сыйлык—Ленин ордени, СССР Жог. Советинин Президиумунун грамотасы, «Орок жана Балка» алтын медалы (медаль СССР Жог. Советинин Президиумунун 1940-ж. 22-майдагы указы м-н белгиленген) тапшырылат. С. Э. Б. наамы экинчи жолу жаңы эң жог. жетишкендиктери үчүн ыйгарылып, экинчи «Орок жана Балка» медалы тапшырылат. Экн жолку С. Э. Б-ның туулган жерине аның коло бюсту орнотулат. С. Э. Б. наамынан ажыратуу СССР Жог. Советинин Президиумунун компетенциясында. Кырг-нда 260тан ашык С. Э. Б. бар (1979). Аның үчөө (З. Кайназарова, А. Анаров, Х. Таширов) экн жолку С. Э. Б.

СОЦИАЛЧЫ — Ысык-Ата р-нундагы Октябрь айыл советине караштуу кыштак. Кочкорбаев атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Ивановкадан 9 *км* батыш тарапта. Кант т. ж. станциясынан 3 *км*. Калкы 470 (1979). Клуб, китепкана, медпункт бар.

СОЦИАЛ-ШОВИНИЗМ — эл аралык соц. кыймылдагы оппортун. агым. С.-ш-ди жактоочулар өз өлкесүнүн буржуазиясынын шовинисттик (к. *Шовинизм*) саясатын колдошот. С.-ш. биринчи дүйн. согуш (1914—18) мезгилинде *2-Интернационалдагы* партиялардын көпчүлүк жетекчилери эл аралык пролетариаттын биримдүүлүк принциптерине чыккынчылык кылып, өз өлкө өкмөттөрүнүн импер. саясатын колдогондугунан ачык көрүнгөн. Алар «ата мекенди коргоо» урааны м-н массаны импер. согушка катышууга чакырып, жумушчу табын «өз» буржуазиясы м-н кызматташууга үгүттөгөн. С.-ш-дин эң коркунучтуусу *центризм* болгон. В. И. Ленин баштаган большевиктер С.-ш-ге каршы чечкиндүү күрөш жүргүзгөн. С.-ш. биринчи дүйн. согуштан кийин да оңчул социал-демократтардын саясатынан орун алган.

СОЦИОЛИНГВИСТИКА — социалдык факторлордун тилге тийгизген таасирин, тилдин социалдык табиятын ж-а коомдук милдетин изилдөөчү пл. тармак. Ал *тил, социология, социалдык психология, психолингвистика, семиотика, этнография* илимдеринин ширешүүсүнөн пайда болгон. С-га 20-к-дын 20—30-жылдары сов. окумуштуулар (Л. П. Якубинский, В. В. Виноградов, Б. А. Ларин, В. М. Жирмунский, Р. О. Шор, М. В. Сергиевский, Е. Д. Поливанов) негиз салган. С-ның өнүгүшүндө франц., амер., герм., япониялык илимпоздордун эмгектеринин да ролу кыйла. Марксчыл С. тарыхый материализмге ж-а марксчыл социологиянын жекече теорияларына, тил жөнүндөгү марксчыл окууга таянат. С. төмөнкүдөй проблемаларды карайт: 1) тил ж-а улут, улуттук тилдин пайда болушу; 2) тилдин түзүлүшү ж-а табияты, диалектилер; 3) тилди типтерге ажыратуу, б. а. типологиялык изилдөө; 4) улуттук көрүм-катнаш, аның тилге болгон таасири; 5) эки же бир нече тилдик кырдаал; 6) коомдун тилге ац-сезимдүү мамилеси, б. а. тилдик саясат.

Лб.: Вопросы социальной лингвистики, Л., 1969; Социолингвистические проблемы развивающихся стран, М., 1975; Швейцер А. Д., Современная социолингвистика. Теория, проблемы, методы, М., 1976.

СОЦИОЛОГИЯ (лат. societas — коом ж-а *...логия)* — коом ж-а коомдук бүтүндүктөр м-н бирдикте каралган айрым социалдык ин-ттар, процесстер, топтор ж-дөгү илим. С-ның тамыры коомдук кубулуштарды түшүндүрүүгө умтулган байыркы философ. системалардан башталат. 18-к-да коомдун өнүгүү закондорун, кыймылдаткыч күчтөрүн ж-а мад-тын изилдеген өзүнчө дисциплина — тарых философиясы келип чыккан. С. (терминн О. Конттуку) өзүнчө илим болуп 19-к-да калыптанган. С-лык таанымдын зарыл негизи — коомду адам эркинин туундусу эмес, объективдүү система катары кароо. С. көп түрдүү пл. методдор аркылуу коомдук мамилелердин өнүгүү багытын айкындап, пл. натыйжасын коомдук процесстерди башкарууда пайдалануу көздөйт. Коомдук системанын табиятын түшүнүүдө маркстик ж-а бурж. С-ның ортосунда олуттуу айырмачылыктар бар.

К. Маркс коом ж-дөгү илимдерге төңкөрүш жасап, С-ны биринчи пл. негизге койду. Адамдар коомдук-өндүрүш процессинде эркинен тышкары белгилүү материалдык мамилелерде болушат. Бул мамилелер коомдук ац-сезимдн багыттайт (к. *Өндүрүш мамилелери*). Ар кандай коомдук-экономикалык формациянын негизин матери-

алдык байлык өндүрүү ыгы түзөт. Ал коомдун таптык түзүлүшүн, саясатын, мад-тын, коомдук ан-сезимдин формаларын ж. б. аныктайт (к. *Базис жана надстройка*). Ар бир коомдук кубулуштун өзгөчөлүктөрүнө жараша С-лык изилдөөлөрдүн тармактары болот (эмгек С-сы ж. б.). Бирок алардын табияты социалдык системадагы ордун эске алганда гана толук айкындалат. К. Маркс м-н Ф. Энгельс өз эмгектеринде коомдук кубулуштарды ил. изилдөөнүн өз мезгилиндеги түрдүү методдорун (статистикалык анализ, анкета, салыштырма-тарыхый жалпылоо, моделдөө, к. *Социалдык моделдөө* ж. б.) колдонушкан. Бул ил. синтездин негизинде коомду рев-ялык кайра түзүүнүн программасы ж-а өнүгүүнүн прогнозу (илимий коммунизмдин теориясы) түзүлгөн. К. Маркс м-н Ф. Энгельстин С-лык идеяларынын айрым жактары Г. В. Плехановдун, А. Бебелдин, П. Лафаргдын ж. б. эмгектеринде өнүктүрүлгөн. В. И. Ленин империализм доорунда марксташ С-нын маселелерин кеңири иштеп чыккан. Ал тарыхта субъективдүү фактордун ролу ж-дегү маселени айкындап, таптаканыстыктын аныктамасын берип, капитализмдин өнүгүшүнүн жогорку стадиясы катары империализм теориясын түзгөн. Улут маселесиндеги эки тенденция ж-дегү окууну жаратып, марксташ мамлекет теориясын байыткан. Соц. рев-яны ж-а социализмди куруунун лениндик теориясы С-лык билимдерге кошулган зор салым болгон. СССРде ж. б. соц. өлкөлөрдө марксташ С. тез өнүгүүдө. Коммунисттик курулуштун закон ченемдери, ил. тех. рев-яның кулач жайышы, адамдардын эмгекке мамилеси, ишке ж-а үй-бүлөнүн өнүгүү багыты дагы башка маселелер изилденүүдө. СССРде С-лык изилдөөлөр жүргүзүүчү көптөгөн ил. из. ин-ттары, мекемелер бар. 1974-жылдан «Социологические исследования» журналы чыгат.

О. Конттон башталган бурж. С. өнүгүүнүн бир канча этаптарын басып өттү. 19-к-дын 2-жарымында позитивизмдин таасиринде болуп, тарыхый эволюциялык мүнөздө өнүккөн. Коомдук турмуштун кайсы жагын башка оруңга койгонуна жараша С. бир канча агымдарга бөлүнгөн: геогр. мектеп (К. Риттер, Г. Бокль ж. б.) расалык-антроп-ялык мектеп (Ж. А. Гобино, Х. Чемберлен ж. б.), биоорг. мектеп (П. Лилиенфельд, А. Шеффле ж. б.), социалдык-дарвинизм (Л. Гумплович, У. Беджгот ж. б.). 19-к-дын аягында С-да психол. мектеп (инстинктивизм, бихевиоризм ж. б.) кеңири өнүгөт. 20-к-дын башында С-га неокантчылык, тиричилик философиясы, фрейдизм ж. б. идеалисттик филос. агымдар күчтүү таасир тийгизген. 19-к-да бурж. С. теориялык мүнөздө болсо, 20-к-да эмпирикалык мүнөзгө өткөн. Бул аның практикада колдонулуучу мүмкүнчүлүгүн арттырып, изилдөөнүн техникасын өркүндөткөн. Бирок С-лык эмпиризм кризиске учурады. Себеби капитализмдин шартында коомдук турмуштун маанилүү маселелерин чечүүгө анын кудурети жетпеди. Өндүктан бурж. социологдор жалпы теорияларды түзүүгө умтулушун, философияга кызыгуу күчөгөн. Алардын идеялык негиздери ар башка. Неопозитивизмди, феноменологияны, экзистенциализмди ж. б. жактоочулар бар. Бурж. С. жалпысынан капиталисттерге кызмат кылып, алардын кызыкчылыгын теориялык жактан негиздейт. Бирок бурж. социологдордун, өзгөчө жаштардын арасында капитализмге сын көз м-н карап, карама-каршылыктарын түшүнүүгө аракеттенгендер бар. Кийинки мезгилде марксташ С-га кызыгуу күчөдө.

Ад.: О структуре марксистской социологической теории, М., 1970; Чагин Б. А., Очерк истории социологической мысли в СССР, Л., 1971; Осипов Г. В., Теория и практика социологических исследований в СССР, М., 1979; Социология и современность, т. 1—2, М., 1977.

СОЧИ — РСФСРдин Краснодар крайындагы шаар. Кара деңиздин жээгинде. СССРдеги ири бальнеологиялык-баткак ж-а климаттык курорт. Калкы



Сочи. Курорт проспектиси.

287 миң (1979). С. аркылуу автомобиль ж-а т. ж. өтөт. 40тан ашык о. ж. ишканалары иштейт; башкы тармагы — тамак аш о. ж. (сут, эт-консерва, пиво ж. б.). Шаарда Краснодар политех. ин-тунун жалпы тех. ф-тети, политехникум, мед. окуу жайы, ил. из. ин-ттар, театр, край таануу музейи, Н. А. Островскийдин музейи бар. 50дөн ашык санаторий, 5 курорттук поликлиника, 7 ванна үйү, 82 эс алуу үйү ж-а пансионат иштейт. С. 1838-ж. негизделип, 1896-жылдан шаар.

«СОЮЗ» — сов. космос кемелеринин аты; ал космос мейкиндигинде узакка учууга, маневр жасоого, орбитада башка космос кемесине жакындоого ж-а ашташып бириктирүүгө арналган. «С.» кемелери Жер айланасындагы космос мейкиндигинде ил. ж-а тех. изилдөө жүргүзүү, орбитада учуп жүргөн орбиталык станцияга экипаж м-н жүктөрдү жеткирүү ж-а аларды кайра Жерге алып келиши үчүн транспорт катары пайдаланылат. «С.» кемесинин массасы 6,45—6,65 т. Ал космонавттар ил. из. иштерин жүргүзүүчү ж-а эс алуучу орбиталык бөлмөдөн, космонавттар кабинасы бар кондурулма аппараттан, негизги жабдуулардан ж-а кыймылдаткыч установкалардан коррекциялоочу прибор-агрегат болмөсүнөн турат. «С-дагы» орбиталык бөлмөнүн ж-а кондурулма аппараттын жалпы көлөмү 9 $м^3$. Кондурулма аппараттын сыртқы бети жылуулук өткөрбөөчү материалдан жасалган. Аппараттын формасы аны башкарып кондурууга ылайыкташтырылган. Кабина космонавттар орундугу, кемени башкаруу пульту, кондурууну башкаруу системасы, радио байланыш, жашоону камсыз кылгыч, парашют системасы ж. б. м-н жабдылган. Жерге акырындатып жумшак кондуруудагы ылдамд. 2—3 *м/секдан* ашпайт. Багыт алуу (ориентация) ж-а кыймылды башкаруу системасы мейкиндикте космос кемесинин багытын, орбитасын коррекциялоону, башка космос аппараты м-н жакындашууну ж-а ашташып бириктирүүнү камсыз кылат. Ал автоматтык ж-а кол м-н башкаруу режиминде иштеши мүмкүн. «С.» кемесинен орбиталык станцияга ачык космос мейкиндиги аркылуу эмес, ашташып бириктирүү өтмөк аркылуу өтүлөт. Борттогу аппаратура энергияны космос кемесинин сыртындагы эки панель — күн батареясынан алат. Радио-тех. комплекс орбитанын параметрлерин аныктайт. Жерден команда алат, борттон Жерге телекөрсөтүүлөрдү ж-а телеметриялык информацияны берет. Кемедеги жабдуулар кеменин автоматтык ж-а адам башкарып учуусун камсыз кылат, кыймылдаткыч установкалар кеменин маневр жасоосуна мүмкүндүк берет.

1979-жылдын 6-июнуна чейин «С-дан» (к. таблица) 34 кеме космос мейкиндигине учурулган (бул кемелердин 31инин бортунда экипаж болгон). Ашташып бириктирген кемелер — «С.-4», «С.-5», «С.-32» ж. б.; космонавттар топтошуп учкан кемелер — «С.-6», «С.-7» ж-а «С.-8» ж. б.; узакка чейин учкан кеме — «С.-26»; орбиталык «Салют», «Салют-3» ж-а «Салют-4» станцияларына экипаждарды жеткирип, транспорт кемелери катары колдонулган кемелер — «С.-11», «С.-14», «С.-17» ж-а «С.-18»; амер. космос кемеси «Аполлон» м-н эксперименттик биргелешип учкан сов. космос кемеси «С.-19» (ЭПАС). ЭПАСтын программасы космос мейкиндигин изилдөө ж-дегү СССР м-н АКШнын биргелешкен макулдашуусунда (1972) официалдуу бекитилген. ЭПАСтын негизги максаты — кемелердин орбитада жакындашында бириктирүүчү системасынын элементтерин ж-а ашташып бириктирүүчү агрегаттарды сыноо; космонавттар бир кемеден экинчисине өткөндө техниканы текшерүү; ашташып бириктирүү шартында сов. ж-а амер. экипаждын биргелешип иштөөсүнүн аткарылышы; СССР м-н АКШнын космос кемелеринин биргелешип учуруу тажрыйбасынын топтолушу (авария шартында жардам берүү да кирет) ж. б. «С.» кемелерин учурууда кеңири программадагы ил., тех. ж-а мед.-биол., о. эле геофиз. ж-а астрофиз. изилдөөлөр, Жердин жаратылыш ресурстарын изилдөө, метеорол. байкоо, Жер бетин сүрөткө тартуу, навигациялык өлчөөлөр, салмаксыздык шартында ж-а терең вакуумда ширетүү методдорун сыноо, маневрлөөгө машыгуу, орбитада кемелердин жакындоо ж-а ашташып бириктүүсү, бир убакта учуу, бир нече космос кемесин башкаруу ж. б. ишке ашырылат.

Ад.: Освоение космического пространства в СССР, т. 1—7, М., 1972.

СОЮЗДАШ РЕСПУБЛИКА, Союздук республика — СССРде экон., саясий, коргонуу жагынан өз ара жардамдашуу максатында башка тең укуктуу союздук респ-калар м-н союздан (федерациялык) мамлекетке — Сов. Соц. Респ-калар Союзуна өз ыктыяры м-н бириккен суверендүү сов. соц. мамлекет. СССР 15 С. р-дан турат. Ар бир С. р-ның өз аймагы, конституциясы, мамл. жог. органы, респ-калык граждандыгы, мамл. символу (герб, желек), борбору ж. б. бар. С. р-ның СССР м-н карым-катнашы демокр. централизмдин, соц. федерализмдин, сов. соц. демократиянын принциптеринин негизинде түзүлөт. С. р-ның суверендүүлүгү СССРдин экономикасы, саясаты ж-а куралдуу күчтөру, о. эле СССР Конституциясында белгиленген укук гарантиялары м-н камсыз кылынат. Ар бир С. р. СССР составынан эркин чыгып кетүү укугуна ээ ж-а өз конституциясын кабыл алууга укуктуу. С. р. конституциясы СССР Конституциясынын негизинде түзүлөт. Бул сов. союздук мамлекеттин биримдүүлүгүн ж-а СССРдин социалдык-экон. түзүлүшүнүн жалпылыгын билдирет. О. эле С. р-ның конституциясында жерг. өзгөчөлүк да чагылдырылат. С. р-ның гражданини СССРдин да гражданини болуп эсептелет. Ар бир С. р-ның айымагындагы граждандар бирдей укукта. С. р. чет мамлекеттер м-н байланыш түзүп, консулдук, дипл. өкүл алмаша алат, өзүнүн респ-калык аскер бөлүктөрүн түзүүгө укуктуу, федерациянын мамл. жог. органдарында өкүлдөрү бар. С. р. СССР Жогорку Советинин кезексиз чакырылышын талап кылууга акылуу. СССР закондору С. р-лардын тилинде жарыяланып, бардык С. р-лардын аймагында бирдей күчкө ээ. С. р-да мамл. бийликтин жог. органы — респ-канын Жог. Совети, башкаруучу ж-а тескөөчү мамл. жог. органы — респ-канын Мин. Совети. Мамл. бийликтин жерг. органдары — Эл депутаттар советтери.

Ад.: Ерошкин Н. П., История государственных учреждений дореволюционной России, 2 изд., М., 1968; Административное право, М., 1970; Конституционный механизм и диктатуры монополий, М., 1964.

СОЮЗДАШТАР СОГУШУ [б. з. ч. 90—88 (же 91—88-ж.)] — Рим гражданынын укугун алуу үчүн Римге каршы чыккан италик урууларынын көтөрүлүшү. Көтөрүлүшчүлөрдү 500дөр солушту. Көтөрүлүшчүлөр «Италия» деп өздөрү башкарган. Алар «Италия» деп аталган (борбору Корфиний ж-а Боевинаум ш-лары) союзду түзүшүп, өздөрүнүн күмүш тыйындарын чыгарган. Ар уруунун армиясы бириктирип, 200 миң колу бар армия куралган. Согуш аракети түндүктө Квинт Помпедийдин, түштүктө Гай Папий Мутилдин жетекчилигин м-н жүргүзүлгөн. Римдиктер бир нече жеңилүүдөн кийин көтөрүлүшчүлөрдүн ыркын бузуу саясатына өткөн. 88-ж. С. с. *Сулла*, *Марий* ж. б. аскер башчылары жетектеген Рим армияларынан жеңилген. Бирок С. с-нун натыйжасында италик урууларга чектелген укук алып, Италияда латындашуу процесси ж-а италян элинин түзүлүшү тездеген.

«СОЮЗКНИГА» — китеп соодасы б-ча бүткүл союздук бирикме. 1958-ж. түзүлгөн. Калкты китеп м-н борбордоштуруп тейлөөнү ишке ашыруу, китепке берилген заказдарды топтоп, керектөөлөрдүн өлчөмүн билүү ж-а респ-калык бирикмелерге китеп соодасын уюштуруу б-ча жардам берүү максатын көздөйт. 1973-жылдан СССРдин Басма, полиграфия ж-а китеп соода иштери б-ча мамл. комитетинин китеп соода ж-а китеп пропагандалоо башкы башкармасынын карамагында.

«СОЮЗМУЛЬТФИЛЬМ» — мультипликациялык фильмдердин сов. ири студиясы. 1936-ж. (түрдүү өнөрканалар бириктирип) Москвада уюшулган.

«СОЮЗПЕЧАТЬ» — СССР байланыш мин-восунун мезгилдүү басма сөз таркатчу ишканалары м-н уюмдарынын системасы. ЭКСтин мезгилдүү басма сөздү таркатууга ж-а тапшырууга жеткирүүгө байланыш кызматкерлерин тартуу ж-дегү 1918-ж. 21-ноябрда В. И. Ленин кол койгон Декретине ылайык түзүлгөн. «С.» сов. ж-а чет элдик газета-журналдарга жазылуу ж-а аларды сатуу жумуштарын ишке ашырат. Жазылуу байланыш бөлүмдөрү, «С.» агентстволору м-н бөлүмдөрү, о. ж. ишканалары, колхоз-совхоз, мамл. мекемелердеги коомдук негиздеги жардамчылар аркылуу жүрөт. «С-тын» өзүнө тиешелүү кеңейтилген соода тармактары болот (адистешкен магазиндер, киоскалар, көчмө соода каражаттары, газета-журнал сатуучу автоматтар). Алар аркылуу филателия продукциялары, китеп, китепчелер, значоктор ж. б. кеңири керектелчү товарлар сатат. Кырг-нда «С-тын» соода тармагына караштуу 7 магазин, 423 киоск ж-а 154 автомат бар (1979).

СОЮЗ — 1) союуга арналган мал. 2) Окт. рев-ясына чейин кыргыздарда бийлөөчүлөр тарабынан чыгарылган салык; экономикадан тышкаркы эсүүнүн бир формасы.

СОЯ (Glycine) — чанактуулар тукумундагы чөп сымал бир жылдык жаздык өсүмдүк уруусу. Ондогон түрү климаты нымдуу тропик өлкөлөрүндө өсөт. Эгилме С. жер шарынын бардык аймагында айдалат. Жапайы түрүнөн уссури С-сы СССРде (Ы. Чыгышта) кездешет. Эгилме С. 4 түргө бөлүнөт: корей, маньчжур (СССРде эгилүүчү бардык сорту ки-

Советтик «Союз» космос кемелеринин учурулушу (1967—79)

Кемелердин аты	Учурулган ж-а Жерге кайткан датасы	Учуу узактыгы (сутка)	Экипаж
«Союз-1»	23. 4 — 24. 4. 1967	1	Комаров В. М.
«Союз-2»	25. 10 — 28. 10. 68	3	учкучсуз
«Союз-3»	26. 10 — 30. 10. 68	4	Береговой Г. Т.
«Союз-4»	14. 1 — 17. 1. 69	3	Шаталов В. А.
«Союз-5»	15. 1 — 18. 1. 69	3	Волынов Б. В., Елисеев А. С., Хрунов Е. В.
«Союз-6»	11. 10 — 16. 10. 69	5	Шонин Г. С., Кубасов В. Н.
«Союз-7»	12. 10 — 17. 10. 69	5	Филипченко А. В., Волков В. Н., Горбатко В. В.
«Союз-8»	13. 10 — 18. 10. 69	5	Шаталов В. А., Елисеев А. С.
«Союз-9»	1. 6 — 19. 6. 70	18	Николаев А. Г., Севастьянов В. И.
«Союз-10»	23. 4 — 25. 4. 71	2	Шаталов В. А., Елисеев А. С., Рукавишников Н. Н.
«Союз-11»	6.6 — 30. 6. 71	24	Добровольский Г. Т., Волков В. Н., Пацаев В. И.
«Союз-12»	27. 9 — 29. 9. 73	2	Лазарев В. Г., Макаров О. Г.
«Союз-13»	18. 12 — 26. 12. 73	8	Климук П. И., Лебедев В. В.
«Союз-14»	3. 7 — 19. 7. 74	16	Попович П. Р., Артюхин Ю. П.
«Союз-15»	26. 8 — 28. 8. 74	2	Сарафанов Г. В., Дёмин Л. С.,
«Союз-16»	2. 12 — 8. 12. 74	6	Филипченко А. В., Рукавишников Н. Н.
«Союз-17»	11. 1 — 9. 2. 75	30	Губарев А. А., Гречко Г. М.
«Союз-18»	24. 5 — 26. 7. 75	63	Климук П. И., Севастьянов В. И.
«Союз-19»	15. 7 — 21. 7. 75	6	Леонов А. А., Кубасов В. Н.
«Союз-20»	17. 11. 75 — 16. 2. 76	92	учкучсуз
«Союз-21»	6. 7 — 24. 7. 76	18	Волынов Б. В., Жолобов В. М.
«Союз-22»	15. 9 — 23. 9. 76	8	Быковский В. Ф., Аксенов В. В.
«Союз-23»	14. 10 — 16. 10. 76	2	Зудов В. Д., Рождественский В. М.
«Союз-24»	7. 2 — 25. 2. 77	18	Горбатко В. В., Глазков Ю. Н.
«Союз-25»	9. 10 — 11. 10. 77	2	Коваленок В. В., Рюмин В. В.
«Союз-26»	10. 12. 77 — 16. 3. 78	96	Романенко Ю. В., Гречко Г. М.
«Союз-27»	10. 1 — 16. 1. 78	6	Жанибеков В. А., Макаров О. Г.
«Союз-28»	2. 3 — 10. 3. 78	8	Губарев А. А., Ремек В.
«Союз-29»	15. 6 — 2. 10. 78	140	Коваленок В. В., Иванченков А. С.
«Союз-30»	27. 6 — 5. 7. 78	8	Климук П. И., Гермашевский М.
«Союз-31»	26. 8 — 3. 9. 78	8	Быковский В. Ф., Иен Зигмунд.
«Союз-32»	25. 2 — 14. 6. 79	109	Ляхов В. А., Рюмин В. В.
«Союз-33»	10. 4 — 12. 4. 79	2	Иванов Г. И., Рукавишников Н. Н.
«Союз-34»	6. 6. 79 — 19. 8. 79	75	учкучсуз

рет), кытай, инди С-сы. Бийикт. 0,2—2 *м*, жалбырагы 3—5тен жайгашат. Чачыкча гүлдүү, гүлү ак, кызыл, кызгылт. Мөмөсү— сагак. Сагакта 2—3, кээде 4 урук болот. Уругу ар кыл түстүү. 1000 данынын салм. 60—425 *г*.



Соя: 1 — жалбырагы; 2 — чанагы.

Нымды, жарыкты, азот, фосфорду көп керектеп, түрдүү топуракта өсөт. С.— тамак-аштык, тех., тоюттук ж-а сидерациялык өсүмдүк. Данында 24—45% белок, 20—32% углевод, 13—37% май, $Д_1$, В, Е ж. б. витамин бар. С. унунан сүт, быштак, кондитер азык даярдалат, тоютка да кошулат. Данынан ө. ж. продукциясынын бир нече түрү (пластмасса, була, боёк) жасалат. Көк бакалы — тоют. Эгилме С-нын мекени — Кытай, анда б. з. ч. 500 жыл мурда өстүрүлгөн. Башка өлкөлөргө 18-к-дын аягында тараган. Негизги сорттору: Салют 216, Амур 41, Приморье 529 ж. б. Зыянкечтер: беде көпөлөгү, соя күбөсү, соя чаар бүргөсү, акация кызыл көпөлөгү. Илдети: бактериоз, фузариоз, склеротиниоз ж. б.

Ад.: Енкин В. Б., Соя. М., 1959.

СӨГӨТТҮ КАОЛИН, КВАРЦТУУ КУМ, МИНЕРАЛДУУ БОЕК КЕНИ— Ысык-Көл обл-ндагы каолин, кварцтуу кум, минералдык боёк чыккан жер. Кажысай ш. т. посёлкасынан 3 *км* чыгыш тарапта. Тескей Ала-Тоонун түн. этегинде. Кенди 1932-ж. «Средазгеогидрогеодезия» трести ачып, алгачкы геол. маалымат берген. 1958—59-ж. Кыргыз ССР геол. башкармасы геол. чалгындоо жумуштарын жүргүзүп, запасын эсептеген. Кен аймагын юра мезгилинин башталышында пайда болуп, чопо, кумдук, гравелит, конгломерат текторинен турган ак-таш, ак-сай, көктү ж-а жел геол. свиталары түзөт. Каолин, кварцтуу кум — ак-таш, минералдуу боёк болуучу кызгылт чопо ак-сай свиталарында жайгашкан. Ак-Таш свитасы негизинен кварцтуу кумдуктан туруп, арасында конгломерат, гравелит, алевролит ж-а чопонун жука катмарлары кезигет. Пайдалуу катмар — кумдуктун жалпы калың. 56—58 *м*, уз. 1,7 *км*. Кумдук боз, ар кандай бүртүкчөлүү. Каолин м-н камдашып турат. Составынын 85% кум, 15% каолин. Кумдукту ажыратуудан кварцтуу кум ж-а каолин чыгат. Кумдун негизги компоненти: SiO_2 (95%), Al_2O_3 (2,5%), Fe_2O_3 (0,26%). Каолиндин орт. хим. составы: SiO_2 (53.5%), $Al_2O_3+TiO_2$(12—23,9%), Fe_2O_3(0,74%); отко чыдамдуулугу 1670—1720°С. Ак-сай свитасындагы минералдуу боёк болуучу кызгылт чопонун орт. калың. 0,45—1,0 *м*, уз. 0,5 *км*ге чейин Хим. составы: SiO_2 (58,3%), Al_2O_3 (29,05%), Fe_2O (1,33%), TiO_2 (0,02%), CaO (0,45%), MgO (0,89%), K_2O (3,37%), Na_2O (1,03%) ж. б. Чоподон (жалпы запасы 1190 миң *т*) кызгылтым боёкторду алууга, каолинден (жалпы запасы 1504 миң *т*) ар түрдүү санитариялык ж-а тех. буюмдарды, каптоо материалдарын жасоого болот. Кварц кумунун жалпы запасы 10 млн *т*. Составындагы Fe_2O_3 1%тен ашпаган, ылгалган кумдан түссүз айнек, ылгалбаганынан күңүрт түстүү бетөлкөлөрдү, электр өткөрбөс приборлорду жасоого болот. Кен азырынча пайдаланылбайт.

Ад.: Справочник по месторождениям строительных материалов Киргизской ССР, М., 1967.

СӨГӨТТҮ КӨМҮР КЕНИ—Ысык-Көл обл-ндагы күрөң көмүр чыгуучу жер. Тоң р-нундагы Кажысай ш. т. посёлкасынан 3 *км* чыгыш тарапта. Тескей Ала-Тоонун түн. этегинде. Кен жерг. элге илгертен белгилүү. Кендин геол. маалыматтарын алгачкы прет 1909-ж. В. Н. Вебер жазган. Геол. чалгындоо жумуштарын Кыргыз ССР геол. башкармасы жүргүзүп, запасы эсептелген. Кен аймагын негизинен юра мезгилинин чопо, кумдук, алевролит, аргиллит, гравелит ж-а көмүр кабаттары түзөт. Кенде аргиллит, көмүрлүү чополор м-н болүнгөн көмүрдүн 12 кабаты бар. Алардын 1—2-кабаттары казып алынууда. Биринчисинин калың. 1,2 *м*, экинчисиники — 3 *м*ге чейин. Калган көмүр кабаттары жука ж-а текши болбогондуктан азырынча казылбайт. Көмүрлүү кабаттын жалпы уз. 14 *км*дей. Көмүр бир өңчөй, таза. дюрендүү, күрөң; күлдүүлүгү 7—12%, күкүрттүүлүгү 1%, жылуулук берүү энергиясы 4680—5900 *ккал/кг*. Көмүр негизинен отун катары пайдаланылат. Андан түрдүү хим. продуктуларды, жер семирткич, жасалма суюк отун, үй тиричилик газын да алууга болот. Жалпы запасы 7—10 млн *т* (1964). Көмүр жер астынан казылып, Ысык-Көл обл-нын керектөөсүнө пайдаланылат.

Ад.: Геология месторождений угля и горючих сланцев СССР, т. 6, М., 1968.

СӨЗ — тилдин предмет (персе), процесс, кубулуш, каснет аттарын туюнтуу үчүн кызмат кылчу структура-семантикалык бирдиги. С. *морфемалардан* куралып, сүйлөмгө курулуш материал катары кызмат аткарат. С. морфемадан өз алдынчалыгы, тилде (речте) эркин өзгөртүлө тургандыгы, сүйлөмдөн кабар билдире албагандыгы м-н айырмаланат. Сөздүн негизги тиби — жөнөкөй маанилүү сөздөр (жылкы, алма, үй ж. б.). Аларга мүнөздүү белгилер: структуралык жактан калыптанган (өзүнө таандык ж-а бирдиктүү басымы бар, ичинде тыным болбойт, составына башка сөз кирбейт ж. б.); семантикалык идиомалуу (тыбыш комплекстери маанинге көз караранды); автономиялуу номинациялык милдет аткарат (персе же турмуш көрүнүштөрүн өз алдынча туюнта алат). С-дө адамдын андап билүү жөндөмүнүн жыйынтыгы камтылат, болбосо түшүнүк, элестерди туюнтуп, башка бирөөгө билдирүү эле эмес, аларды жаратуу да мүмкүн эмес. С. тилде өзүнүн граммат. белгилерине (сөз түркүмү), сөз жасоо байланыштарына (сөз уясы) ж-а семантикалык катыштарына негизделген белгилүү бир системаны түзөт (к. *Синонимдер, Антонимдер, Омонимдер*). С-дүн жөнөкөй маанилүү сөздөрдөн айырмалуу башка типтери да бар: фонет. белгилери б-ча — басымсыз, көп басымдуу С.; морфол. белгилери б-ча—туунду ж-а татаал сөздөр; семантика-граммат. белгилери б-ча — *кызматчы сөздөр*.

Ад.: Виноградов В. В., Основные типы лексических значений слова, «Вопросы языкознания», 1953, № 5; Орузбаева Б. О., Словообразование в киргизском языке, Фр., 1964; Будагов Р. А., История слов в истории общества, М., 1971; Уфимцева А. А., Типы словесных знаков, М., 1974.

СӨЗ АЙКАШЫ — сөздөрдүн семантикалык-граммат. тобу; сүйлөм түзүмүндө толук маанилүү эки же андан көп сөздүн синтаксистик байланышынан түзүлүп, алар (сөздөр) туюндурган түшүнүктөрдүн ортосундагы ар кандай катышты билдирет. Мис., жылуу сөз, терең көл, тоого чыгуу, убаданы аткаруу ж. б. С. а-нда сөз түгөйлөрүнүн бири багындыруучу, экинчиси багынычкы түгөй болуп келет. Багындыруучу түгөй — С. а-ныя структурасын түзүүчү негизги өзөк. Түгөйлөр бири бири м-н граммат. ар башка ыкмалар аркылуу байланышат (к. *Сөз байланышы*). Түзүлүшүно карай эркин ж-а туруктуу (к. *Фразеология*) С. а. деп болүнөт. Эркин С. а. сүйлөмдө даяр, бир бүтүн биримдик катары каралбайт ж-а аның түгөйлөрү, граммат. байланыштары өзгөрмөлүү келет.

СӨЗ БАЙЛАНЫШЫ — сүйлөмдөгү сөздөрдүн бири бири м-н маанилик ж-а граммат. жактан айкашышуу. Ал багыныкчы ж-а тең байланыш деп болүнөт. Багыныкчы байланыш синтет. (жак, сан, жөндөмө мүчөлөрү ж-а этиштин чакчыл формалары аркылуу) ж-а аналит. (орун тартип, интонация ж-а кызматчы сөздөр аркылуу) жол м-н ишке ашат. Кыргыз тилинде багыныкчы байланыштын төрт түрү бар: башкаруу, таандык, ээрчишүү, ыкташуу. Башкаруу байланышында багындыруучу сөзгө карата багыныкчы сөз синтаксистик жактан шартталып, атооч, илик жөндөмөлөрүнөн башка жөндөмөлөрдө турат; таандык байланышта багындыруучу сөз таандык мүчөнү, багынычтуу сөз илик жөндөмөсүнүн мүчөсүн кабыл алат; ыкташуу байланышында багыныкчы сөздүн формасы өзгөрбөй. багындыруучу сөз м-н орун тартиби, интонациясы ж-а маниси б-ча синтаксистик байланышта болот; ээрчишүү байланышында багыныкчы сөз багындыруучу сөздү сан, жак, түр б-ча ээрчийт. Тең байланыш сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрүн, багынычсыз кошмо сүйлөмдө жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштырат. Тең байланыштагы сүйлөмдөр же сөздөр бири биринин синтаксистик милдетин шарттай албайт.

Ад.: Жапаров А., Азыркы кыргыз тили, 2-болүк, Фр., 1966; Жакыпов Ы., Азыркы кыргыз тилинин синтаксиси, Фр., 1975; Грамматика русского языка, т. 2, М., 1960; Грамматика современного русского литературного языка, М., 1970.

СӨЗДҮК — бир тилдеги сөздөрдү (кээде морфемалар же сөз айкаштарын) алфавит тартиби б-ча маанисин түшүндүрүп же башка тилге которуп, болбосо алар ж-до дагы башка маалымат берчү китеп. С. маалымат топтоо ж-а аны берүү жагынан чоң маанилге ээ болуп, байыртан эле пайда болгон (к. *Лексикография*).

Сөздөрдүн маанисин, колдонулушун, грамматикалык ж-а фонетикалык өзгөчөлүктөрүн көрсөтүүчү түрдүү көлөмдөгү түшүндүрмө С-тон башка ар кандай белгилери б-ча айырмаланган С-тор да бар. Мис., мазмуну б-ча — сөздү эмес, сөз билдирген түшүнүктү түшүндүрүүгө арналган энциклопедиялык С.; лексиканын тандалышы б-ча тилдеги бүткүл лексиканы камтыган *тезаурус* ж-а лексиканын айрым тематикалык, стилдик катмарын (терминологиялык, жазуучунун тилинин, диалектилик С.) же сөздүн өзгөчө көрүнүштөрүн (архаизм, неологизм, сейрек сөздөр, кыскартуулар, чет тил сөздөрү, энчилүү ат С-төрү) чагылдырган жекече сөздүк; сөздү сыпаттоо ыкмасы б-ча сөздөрдүн ортосундагы аспектилерди ж-а карым-катышты ачып көрсөтүүчү атайын С. (этимологиялык, орфографиялык, орфоэпиялык, синонимдик, граммат. ж. б.); лексикографиялык сыпаттоо бирдиги (сөздөн чоң же кичинелиги) б-ча — уңгу, морфема, фразеология, цитата С-төрү; материалынын жайгашуусу б-ча— идеографиялык, аналогиялык тескери (обратный) С.; убакыт мейкиндиги б-ча—тарыхый С.; милдети б-ча — каталардын жана окутуунун мектепке ылайыкталган С-төрү; тилдердин саны б-ча — көп тилдик ж-а эки тилдик (котормо) С. С-төр коомдогу билимди чагылтып, акыл-ойдун мад-тында зор маанинге ээ.

Орус ж-а дүйнө тилдеринин ар кыл мүнөздөгү көптөгөн С-төрү чыккан ж-а алардын саны жыл сайын көбөйүүдө. Кыргыз тилинин да бир топ С. жарык көрдү: К. К. Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгү» (1940, 1965), коллектив түзгөн «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү» (1969), Х. Карасаевдин «Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү» (1966), Ж. Мукамбаевдин «Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү» (1976) ж. б.

Ад.: Семёнов Н. А., Толковые словари русского языка, К., 1969; Вопросы учебной лексикографии, М., 1969; Берков В. П., Вопросы двуязычной лексикографии, Л., 1973; Словари, изданные в СССР. Библиогр. указатель. 1918—1962, М., 1966.

СӨЗДҮН СОСТАВЫ — сөздүн ички түзүлүшү жагынан айрым бөлүктөргө *(морфемаларга)* ажыроочу бөлүктөрү. Сөздөр ушуга жөө жалганган түрүндө болот. Составына карай жөнөкөй ж-а татаал сөздөр болуп бөлүнөт. Жөнөкөй сөздөр уңгу ж-а туунду (уңгу+мүчө) түрүндө болот. Татаал сөздөр кош сөздөр (мис., кызыл-тазыл, ага-ини), кошмок сөздөр (мис., өнөр жай, таш көмүр, бака жалбырак), бириккен сөздөр (мис., бүгүн<бу+күн, бияк<бу+жак), кыскарган сөздөр (мис., СССР, БК, КПСС, колхоз, шаарком) деп төрт топко ажырайт.

СӨЗ МАДАНИЯТЫ — адабий тилдин нормаларына речтин ылайык келүү даражасы, тил илиминин бир тармагы; адабий тилди нормага салуу проблемаларын, речти туура колдонуунун конкреттүү нормаларын ж-а өлчөмдөрүн (критерийлерин) изилдейт. С. м-нын лингвистикага өзүнчө тармак катары өнүгүшү орус тил илиминин сов. доордогу өнүгүшү м-н байланыштуу. И. А. Бодуэн де Куртенэнин тилдик процесстерди аң-сезимдүү түрдө жөнгө салуу тууралуу идеясы аның окуучулары Л. В. Щерба, Л. П. Якубинский, Е. Д. Поливанов, Г. О. Винокур, В. В. Виноградов ж. б-лардын эмгектеринде иштелип чыккан. 1952-ж. СССР ИАнын Тил илими ин-тунда С. м. сектору түзүлгөн. С. м. маселелери башка өлкөлөрдө да иштелүүдө; европ. бир катар өлкөлөрдө С. м-ныя маселелерин жарыялоочу атайын журналдар чыгат.

Ад.: Винокур Г. О., Культура языка, 2 изд., М., 1929; Обнорский С. П., Культура русского языка, М.—Л., 1948; Виноградов В. В., Проблемы культуры речи и некоторые задачи русского языкознания, «Вопросы языкознания», 1964, № 3; Дегтерева Т. А., Культура письменной речи. Стилистика слова, М., 1968; Актуальные проблемы культуры речи, М., 1970.

СӨЗ ТИЗМЕ — 1) энциклопедиялык ад-ттарда зарыл жеринде кыскача аннотациясы бар макаланын басма белги м-н көлөмү көрсөтүлгөн термин, макала наамдарынын алфавиттик толук (же томдордун бөлүштүрүлүшү б-ча иреттелген) тизмеси; түрүлүшү б-ча иреттелген) тизмеси; энциклопедиянын идеялык-нл. багыты, түзүлүшүн, профилин чагылдырган өз алдынча проспектиси (мазмуну). С. т-ни түзүүдө терминдер тандону). С. т-ни түзүүдө терминдер тандону алынат, илим тармактарынын, далын алынат, жеке макалаил. дисциплиналардын, жеке макалалардын көлөмү, иллюстрация ж-дөгү маалымат аныкталат. 2) Лингв. сөздүктөрдө түшүндүрмө берилчү же которулчу сөздүк бирдиктердин (сөздөрдүн, фразеологизмдердин ж. б.) тизмеси.

СӨЗ ТҮРКҮМҮ — бир тилдеги сөздөрдүн лексика-семантикалык ж-а грамматикалык (морфол., синтаксистик) өзгөчөлүктөрүнүн негизинде топтоштурулган бөлүмдөрү. Айрым тилдерде сөзгө түшкөн басым да эске алынат. С. т. эки топко бөлүнөт: маани берүүчү сөздөр (мис., кыргыз тилинде *бат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч, тактооч, этиш)* ж-а *кызматчы сөздөр* (жандооч, байламта, белүкчө). Булардан башка да С. т-нүн өзгөчө түрү — сырдык ж-а туураңды сөз бар (к. *Сырдык сөз, Тууранды сөз*). С. т. дүйнө тилдеринин баарында бар экени далилденген. Бирок алардын бири бирине айырмалоочу белгилери, өз ара бөлүштүрүлүш принциптери бир эмес. Маселен, кыргыз тилинде С. т. лексика-семантикалык ж-а граммат. бөтөнчөлүктөрүнө карата бөлүштүрүлөт. Ушул негизден азыркы кыргыз тилинде 11 С. т. бар экени аныкталып, алардын ар бири б-ча изилдөө жүргүзүлгөн.

Ад.: Щерба Л. В., О частях речи в русском языке, в кн.: Русская речь. Новая серия, [ч.] 2, Л., 1928; Виноградов В. В., Русский язык (Грамматическое учение о слове), М.—Л., 1947; Кыргыз тилинин грамматикасы (морфология), Фр., 1964; Сартбаев К., Классификация частей речи в киргизском языке, Фр., 1975.

СӨЗ ЭРКИНДИГИ — граждандарга өлкөнүн чарбалык, мамл. маданий турмушуна активдүү катышуу мүмкүндүгү. Айрым мамл., коомдук маселелер б-ча СССР граждандары көз карашын, ой-пикирин тике, о. эле уюмдашуу — тех. каражаттарды колдонуу м-н С. э-н ишке ашыра алат, к. *Демократиялык эркиндик*.

СӨКСӨӨЛ (Haloxylon) — шакардуулар тукумундагы өсүмдүк. Дарак же бадал. Жалбырагы узаран түрпүчө түспөл, жаш сабактары муунактуу. Гүлү майда, 2 жыныстуу. Азиянын бөздөө, чөлдөрүндө 10, СССРде 3 түрү кездешет. Башка даректар өсө албаган кургак, шордуу жерлерде өсүп, «чөл токойлорун» пайда кылгандыктан жерлерди токойлондурууда, жашылдандырууда өстүрүлөт. Сөгөгү өтө нык, отко абдан жакшы күйүп,




Сексеөл токою.

чогу тантуу. Жаш бүчүрлөрүн мал жакшы жейт. Негизинен уруктары ж-а думүрлөрү аркылуу көбөйөт.

СӨҢӨК — дарак өсүмдүктөрүнүн каптал бутактарына салыштырганда узун ж-а жоон болуп өскөн негизги *сабагы*.

СООК — киши ж-а омурткалуу айбанат скелетинин негизги бөлүгү. С-төр өздөрүн бири-бири м-н бириктирген муун, тарамыш, байламта ж. б. м-н бирге таяныч-кыймыл аппаратын түзө

вот. С-тер түтүк (жиликтер), жалпак (баш сөөгү, далы ж. б.) ж-а кыска (омуртка) болот. Жиликтердин эки башы эпифиз, ортосу диафиз делет (1-сүрөт).С-тер кыймылсыз (баш сөөгү) ж-а кыймылдуу (кол-бут сөөктө-



1-сүрөт. Жиликтин схемасы: *1* — диафиз; *2* — эпифиз.

рү) астаттат. С. сөөк ткани (2-сүрөт), сөөк чели, чучук, лимфа ж-а кан тамырлары, нервдерден турат. Сөөк ткани С-түн негизги бөлүгү болуу м-н сөөк эбелегин түзөт. Жиликтердин диафизинде — катуу (ник), эпифизинде кемик заттар көп. Сөөк ткани— тутумдаштыргыч ткандын бир түрү. Анын клеткалары (остеоциттер) бири-бири м-н ичке бутакчалар аркылуу туташат. Клетка аралык заттары коллаген талчалары, полисахарид ж-а белоктон турат. С-түү пай-



2-сүрөт. Сөөк ткани.

да кылуучу остеобласт клеткалары клетка аралык заттарды пайда кылып, сөөккө катуулук берет. Бардык С-тер мезенхимадан өөрчүйт. С. оорулары ж-дө к. *Кариес, Итий.*

Ад.: Фриденштейн А. Я., Экспериментальное внескелетное костеобразование, М., 1963.

СӨӨК — Нарын обл-ныи Кочкор р-нундагы суу. Уз. 49 *км*, алабынын аянты 470 *км*². Жумгал тоо тизмегинин түн.-чыгыш капталынан башталат. Чыгышты карай агып, Каракол м-н кошулуп, Кочкор суусун түзөт. Жог. агымында кууш өрөөн м-н агып, Кочкор өрөөнүнө чыкканда салааларга бөлүнөт. Куймалары: Уу-Тер, Жаман-Эчки, Ит-Уруу-Чоку (сол), Сары-Тер, Жалпак-Таш, Кум-Бел (оң). Негизинен моцгу, кар, булак сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 5,90 *м*³/*сек*. Май айында кирип, сентябрда тартылат. Сугатка пайдаланылат. Жээгинде Мантыш, Кызыл-Дөбө кыш. жайгашкан.

СӨӨК — Ички Тянь-Шандын Жетим кырка тоосундагы ашуу. Сөөк коктусунун ордошундогу бел баскак аркылуу өтөт. Бийик. 4021,2 *м*. Негизинен сланец ж-а аки таш тектеринен турат. Ара-Бел м-н Тарагай өрөөндөрүн байланыштырат. Ашуу аркылуу Барскон — Ак-Шыйрак автомобиль жолу өтөт.

СӨӨК КОЮУ — өлүктү көмүүгө байланыштуу, асыресе адамдардын өлүктөргө ж-а өлүмгө карата мамилесин чагылдырган ырым-жырымдардын ж-а адат-салттардын жыйындысы. Ортоңку палеолитте өлүк чуцкурларга ж-а үцкүрлөргө көмүлгөн. Жаңыдан пайда болгон диний элестер б-ча бул өлүк камын көрүнүн белгилүү бир формасы болгон. Бара-бара «тиги дүйнөго» ишенүү күчөп, ошондон улам өлүккө эки түрдүү мамиле келип чыккан: бир жагынан, өлүккө кам көрүү претинде аны жуун, кийим кийгизип (кийинчерээк муну мусулмандар кепин м-н алмаштырган), тамак-аш, эмгек куралдарын, курал-жарак, унаа (көбүнчө ат) ж. б. кошо көмүү; экинчи жагынан, өлүктүн «кайтып келүү» коркунучунан улам аны тацып, кайтып келгенде эшикти таппай калсын деп, үйдүн атайын жасалган тешигинен чыгарып, «адаштыруу» үчүн ызы-чуу көтөрүү.

Коло доордон баштап өлүктү өрттөө кецири тараган. Европа элдеринде өлүк өрттөлгөндөн кийин күлү жерге көмүлсө, О. Азиядагы айрым элдерде кичине табытка — оссуарийге салынган. Индустар азыр да өлүктү өрттөп, күлүн сууга ташташат. Айрым элдер (мис., Океанияда) өлүктү кайыкка салып, сууга коё беришкен. Австралиялыктар, түн. амер. индеецтер, Сибирдеги айрым элдер өлүктү орон туруп жыгачтын башына же тактай секичеге илип коюшкан. Перстер өлүктү куш жеп кетсин деп мунаранын үстүнө калтырышкан.

Алгачкы жамаат коомдун ыдырашы м-н уруу башчыларынын, шамандардын, кийин жрецтер м-н падышалардын сөөгүн коюу б-ча өзүнчө татаал жөрөлгөлөр иштелип чыккан. Ата-бабанын арбагына сыйынуу м-н бирге падышалардын, аскер башчыларынын арбагына сыйынуу пайда болгон (к. *Сулайман тоосу, Пайгамбар).* Дене сактапса, жан жашоосун улантат деген ишеним денеии катыруу (мис., байыркы египеттиктер ж-а инктердеги мумиялоо), о. эле сүрөтүн түшүрүү (бет кеп, тул кармоо ж. б.) урпадатын пайда кылган. Өлүккө арнап казанак көр казуу, бейит үстүн доцсөөлөө, моло таш орнотуу, пирамида, күмбөз салуу пайда болгон. Байыркы замандарда айрым элдерде (скифтер, байыркы славяндар ж. б.) арбактын «тиги дүйнөдогу» жашоосуна шарт түзүү ишенимине жараша аны м-н кулдарын, аялдарын тирүүлөй, куралжарактарын, дүйно-мүлкүн кошо көмүшкөн. Арбакты ыраазы кылыш үчүн курмандыкка мал чалышкан, жыртыш, мүчө таратылып, башка элде ж-а жерде өлгөндөрдү өз жерине ж-а өлине алып келип көмүү, ага арнап аш берүү салты пайда болгон. Монотеисттик диндердин пайда болушу м-н политеисттик диндерге байланыштуу чыккан С. к. ырым-жырымдар андан ары өнүктүрүлүп, айрым элементтер м-н толукталган (мис., мусулмандардагы доорон түшүрүү, жаназа окуу, өлүктү кыбыланы—Мекени каратып коюу ж. б.). Азыр көп элдерде өлүктү жерге көмүү ж-а орттоо (кремация) тараган.

Ад.: Есенгельдиев С., Улутуя жана диний традициялар жөнүндө, Фр., 1969; Баялиева Т. Ж., Доисламские верования и их пережитки у киргизов, Фр., 1972.

СӨӨК КУЛГУНА — сөөк чучугунун ж-а тканынын сезгенишн, к. *Остеомиелит.*

СӨӨК ТООСУ Ички Тянь-Шанда. Суусамыр ж-а Кочкор тектоникалык өрөөндөрүнүн аралыгында кендик багытка жайгашкан. Уз. 58 *км*, бийикт. 4281 *м*, туурасы 12—20 *км*. Чыгыш болугу бийик аскалуу, батышы жапызыраак (3800—4000 *м*). Капталдары майда суулардын кууш өрөөндөрү м-н тилмелеиген. Моцгүнүн аракетинен пайда болгон рельефтин формалары (трог, ригель, цирк-кар) ж-а тоо бетиндеги түзөндөр — супачалар бар. Палеозойдун гранит, кумдук, акиташ тектеринен турат. Ландшафттары бийиктик алкактуулук б-ча (альц, субальп 3500—3700 *м*, пиваль 3700—4100 *м*) өзгөрөт.

СӨӨКТҮҮ МУУНДАН ЧЫГЫШ КЕТИШИ — сөөктүн муун учтарынын ордунан тайып, туура эмес асташуусу. Чыгуу толук ж-а чала болушу мүмкүн. С. м. ч. к-нцн тубаса ж-а кийин пайда болгон түрү бар. Тубаса түрү түйүлдүктүн туура эмес осушунон пайда болуп, көбүнчө жамбаш, көздө тизе муундары ж-а томугу чыгат. Дарылоо 3 айлыгынан 2 жашка чейин жүргүзүлөт. Натыйжа болбосо, 3—4 жашында операция жасалат. Кийин пайда болгон С. м. ч. к. травмадан, оорудан (сөөк кулгуна, полиомиелит ж. б.), дагы башка себептен пайда болот. Сөөк чыкканда муун кабыгы жарылып, тарамыш, сөөк, нерж-а кан тамыр бузулушу (кабылдаган С. м. ч. к.) мүмкүн. С. м. ч. к. жабык ж-а ачык болуп бөлүнөт. Муун кайталап чыга берсе, ойноок болуп калат. Дарылоодо чыккан сөөк тартылып, ордуна коюлуп, бекем таңылат, кийин *вимнастика*, массаж ж. б. колдонулат.

Ад.: Хромов Б. М., Вывихи и переломы, 2 изд., Л., 1960.

СӨӨКТҮҮ БАЛЫКТАР (Teleostei) — балыктардын чоң түркүмү. Бардынын скелети сөөктүү, омурткаларынын эки башы тең чуцкур. Уз. 1 *см* ден 5 *м*ге жетет. Денеси түрүлөр же сөөк пластинкалары м-н капталып, айрымдары түрүсүз. С. б. тиш доорунда пайда болгон. Алардын 40ка жакын уруусу белгилүү. Бардык сууларда кездешет; айрым жыныстуу, кээси — гермафродиттер. Көбү урук таштайт, чандасы тирүү туурйт. С. б-дын өсүмдүк, айбанат м-н азыктануучулары, башка балыктарга мителик кылып жашоочулары бар. С. б-дын көбүнүн (сельдер, кацыктырлар, скумбриялар, камбалалар ж. б.) промыселдик мааниси бар.

СӨӨК УНУ — майдаланган мал сөөгү. Ал кошумча тоют катары пайдаланылат. Буу ж-а орг. эритикчтин жардамы аркылуу сөөктүн майы азайтылып, желими кетирилип, майда тартылып даярдалат. С. у-нда 10% суу, 10—15% май, 15—20% протеин, түрдүү микроэлемент болот. С. у. көбүнчө уй м-н майда жандыкка берилет. Аралаш тоютка да кошулат.

СӨӨЛ — териде жаңы пайда болгон жугуштуу түйүн, бүдүр. Ал кадимки, жалпак, учтуу кондилома ж-а карыган кишилердин С-ү болуп бөлүнөт. Биринчи үчөөнү көрүс көтөйт. Инкубация мезгили 2—5 ай. Кадимки С. чектелген катуу бүдүрлөр түрүндө манжаларга чыгат. Кээде таманда пайда болуп, оорутат. Жалпак С. жалпак, туура эмес формада болуп, манжалардын сыртына жайгашат, көбүнчө балдарда кездешет. Учтуу кондилома — өцү кыпыл, ичке түктүү, жумшак майда ууцтай түйүн, көбүнчө жыныс органдарына, жума чурайга чыгат. Карыган кишилердин С-ү боз күрөң же кара түстө болуп, беткеме, моюнга, денеге чыгат. Дарылоодо хирургиялык жол, электр коагуляциясы ж-а дары-дармектер колдонулат.

СПАЗМОФИЛИЯ (гр. spasmós, spáo — тартам ж-а philía — сыю) — эки жашка чейинки балдардын организминде кальций алмашуусунун бузулушунан келип чыккан, карышып тырышуу м-н мүнөздөлгөн соору. Сынын пайда болушуна Д витаминининн жетишсиздиги (к. *Итий*) ж-а калкан безинин жанындагы бездердин функциясынын өзгөрүшү себепкер. С-ныи аныk түрүндө ун бутун, терең дем алганда кыйкылдап, манжаалардын, тамандын булчундары ж-а дем алууга жардам берүүчү көкүрөк булчундары, бронхалардын жыпжакай булчундары тырышат, дем кыстыгат; жүрөк булчундары тырышса, өлүмгө дуушар болуу мүмкүн; баланын желкеси, кол буттары тартылып, эстен танат. С-ныи билинбеген түрүндө мындай тырышуу болбойт; булчундардын дүүлүгүүлөргө сезгичтиги атайын изилдөө аркылуу аныкталат. Дарылоодо тырышууга ж-а итийге каршы дарылар, кальцийдин чоң дозадагы эритмесин канга куюу колдонулат.

Ад.: Шамсиев С. Ш., Зернов Н. Г., Кубергер М. Б., *Неотложная* терапия в практике детского врача, Таш., 1976.

СПА КОНФЕРЕНЦИЯСЫ (1920) — *Сан-Ремо конференциясынын (1920)* чечими б-ча Антанта державаларынын Жог. советинин 1920-ж. 5—16-июлда Спа ш-нда өткөрген заседаниесн. Ага Улуу Британия, Франция, Италия, Япония, Португалия, Бельгия ж-а өздөрүнө тиешелүү маселелер талкууланганда Германия м-н Польша да катышкан. С. к. Версаль тынчтык келишиминин согуштук статьяларын орундатууну созо туруу ж-догу Германия өкмөтүнүн сунушун канааттандырган. Германия репарацияларын эсебинен ай сайын 2 млн т көмүр берүүгө аргасыз болгон. Репарацин алуунга укуктуу ар бир өлкө үчүн үлүш (квота) ғана белгиленген. Антантанын Жог. советинин ташыруусу б-ча Англиянын тышкы иштер министри сэр. аскерлердин чабуулун «*Керзон линиясында*» токтотуу талабы м-н Совет өкмөтүнө кайрылган.

СПАНДАРЯН Сурен Спандарович [3 (15). 12. 1882, Тбилиси — 11(24). 9. 1916, Краснонрск] — Россиядагы революциялык кыймылдын ишмери, армян адабынын сынчысы, публицист. 1901-жылдан Компартия мүчөсү. Юристтин үй-бүлөсүнөн. Москва ун-тинен окуган, жумушчулар арасында пропагандалык иш жүргүзгөн. 1905—07-жылдардагы рев-ляга катышкан. РСДРПнин Кавказ союздук комитетинин мүчөсү. 1907-жылдан РСДРП Баку комитетинин мүчөсү. 1910-жылдан Тбилисиде иш жүргүзгөн. РСДРПнин бүткүл россиялык 6-(Прага) конф-сында РСДРПнин ж-а анын Орус бюросунун мүчөлүгүнө шайланган. 1906—12-ж. «Кайцы» («Учкун»), «Нор Хоск» («Жацылык»), «Гудок», «Бакинский пролетарий» ж. б. газеталарга кызматташкан. 1912-ж. мартта камалып, Сибирге айдалган; ал жакта рев-ляк ишмердигин уланткан. С.— эстетика б-ча, М. Горький, А. Акопян ж. б. жазуучулардын чыг-лыгы ж-дегү адабий сын макалаларынын ж-а эмгектердин автору. Ад-ттын партияцуулугу ж-а элдүүлүгү ж-дегү лениндик принципти жактап, ыдыны өчкөн реакциячыл ад-тка каршы чыккан. В. Г. Белинский, А. И. Герцен, Н. Г. Чернышевский, Л. Н. Толстой, А. П. Чехов, Т. Г. Шевченко, А. Ширванзаделердин мурастарын жогору баалаган.

Ад.: Арутюнов Г., Тер-Мкртчян Л., Жизнь и деятельность С. Спандаряна, М., 1958.

СПАРАГМИТ СЕРИЯСЫ (гр. sparagma — сынык, болук) — Скандинавия ж. а-нда кембрийге чейинки мезгилдин ылгында пайда болгон тоо тек катмарлары. Арасында кварцит, сланец, аки таш теги, доломит, конгломерат кабатчалары бар караңгы боз ж-а кызгылтым кумдуктан турат. С. с. кембрийге чейинки мезгилде метаморфизмделген ар кандай тектердин үстүндө пропсна жайгашкан. С. с. м-н Кырг-ндагы рифейдин үстүнкү кабаты, кичи-кара-ой, *жетим серия-сына* жаштан экендигин К. Сагындыков аныктан (1977), алардын арасынан рагмит жанар тоо тектерине карай спадагы жанар тоо тектерине карай спарагмит жанар тоо-чокмо формацияcы деп атаган.

СПАРЖА (Asparagus) — лилия гүлдүүлөр тукумундагы өсүмдүк уруусу. Көп жылдык, көюу бутактуу чөп, жарым бадал же лиана. Гүлү майда, момосу — жемиш. Дүйнөдө 300, СССРде 30дай түрү белгилүү. Анын жапайы түрү Батыш Европада, Жер Ортолук деңиз жээгинде, Балканда, СССРде: Кавказда, Батыш Сибирде; Гималайдын эсебинен ай сайын 2 млн Египеттс өсөт. Жаш С-да 2% жир, Египетте өсөт. Жаш С-да 2% белок, 2,4% углевод ж-а витаминдер (*мг*% м-н): С — 40, B_1 — 0,19, B_2 — 0,14, РР — 1,0, провитамин А — 1,3 болот. Тамак-ашка, консерва жасоодо С-ныи жаш, ширелүү оркүнү пайдаланылат. Тамыры ж-а жаш сабагы дарылыкка керектелет. С. 10—15 жылча өсүп, 1 *га* жерден эрте жазда 30—35 *ц* түшүм жийпалат. Кышында парник, жылыткычтарда, айрым түрү (аспарагус) кооздук үчүн өстүрүлөт. С. Кырг-нда огороддо кездешет.

Ад.: Гриенко М. М., Спаржа, Л., 1974.

СПАРТА, Лакедемон — адегенде Эврот д-ныи өрөөнүндөгү (Лаконика обл.) байыркы грек полиси (шаармамлекети), кийин, б. з. ч. 6—1-к-да Пелопоннестин түштүгүндөгү мамлекет. Ал дорийликтердин Пелопоннеске басып киришинен 12-к. ченде талкаланып, 10—9-к-да С. деген ат м-н кайрадан негизделген. 8—6-к-да Мессения м-н Кинурияны караткан. Улам-мышгына караганда С. аймагы 9 же 10 миң бирдей участокторго — клерлерге бөлүнүп, анда илоттор иштеген. Спартыктар 7 жашынан карыганга чейинки кызмат өтөгөн. С-ныи жиц. сөзүнө элдик чогулуш — апелла болуп, мамлекетти эки династиядан тизе падыша башкарган.

Эжик жактан С. агрардык жамаат болгон. Ал 6-к-дын алгында Пелопоннес союзун, ал эми грек-перс согуштарды (500—449) басталгандан формалдуу түрдө грек мамлекеттеринин коргонуу союзун башкарса да, бирок согуш аракеттери децизге оогондо жетекчи роль Афинага өткөн. Пелопоннес согушунда (431—404) жецишке жеткен соң, С. Грециянын убактылуу башкарган. Бирок С-га каршы грек тааларынын коалициясы түзүлүп, Коринф согушу (395—387) башталган. С. ушундай шартта К. Азиянын тааларында перс үстомдугун ж-а Антаклид тынчтыгын таануу м-н гана Грециядагы гегемониясын кысгана моонотко сактап калган. Бара-бара С-да жеке менчик пайда болгон. Саясий күрөш м-н ички кризистерден начарлаган С. Фивы ж-а аның союздаштары м-н болгон согушта жецилип, Мессениядан ажырап, Пелопоннес союзу кулаган. Эллинизм доорунда (3—2-к.) С-да социалдык күрөш күчөгөн. Бирок Ахей союзу м-н Римдин кийлигишүүсүнөн улам олигархиялык түзүлүш калыбына келтирилип, 146-ж. С. Рим биёлигинде кошулган. Римдик Ахайя провинциясы түзүлгөн соң б. з. ч. 27-жылдан С. аның составында болгон.

Ад.: Хвостов М., Хозяйственный переворот в Древней Спарте, Казань, 1901; Бергер А., Социальные движения в Древней Спарте, М., 1936.

СПАРТАК (т. ж. белгисиз — б. з. ч. 71-ж. өлгөн) — Байыркы Римдеги кулдардын өц ири көтөрүлүшүнүн [б. з. ч. 73 (же 74) — 71] жетекчиси. Фракиядан чыккан. Римдиктер туткундап, Капуядагы гладиаторлор мектебине өткөргөн. Ал жерде С. гладиаторлор м-н көтөрүлүшкө чыгып, 70ке

жакын адам м-н Везувий тоосуна качкан. Анын отряды эркин арендаторлор м-н качкын кулдардын эсебинен тез эле 10 миң адамга жеткен. Ага каршы жиберилген римдиктердин бир нече отряды (оболу 3 миң, кийин 10 миң адам) талкаланган. С. 70 миңдей адамдан турган Рим үлгүсүндөгү күчтүү армия түзүп, эң катуу аскер тартибин киргизген. Сицилиядагы кулдар көтөрүлүшүнүн жетекчилеринен айырмаланып, С. өзүн падыша деп жарыялаган эмес. Бардык маселе командирлер совети м-н аскер чогулуштарында чечилген. С. Ортоңку ж-а Түн. Италияда Рим аскерин жеңген соң түштүккө бет алган. С. адегенде кулдарды алып кетүү планын түзсө, кийин Сицилияда кулдардын жаңы көтөрүлүшүн уюштурууну чечкен. Бирок С-тын армиясы б. з. ч. 71-ж. жазында Рим кол башчысы Лициний Красстын армиясынан Брундизий жолундагы чечүүчү салгылашта талкаланып, өзү курман болгон. Кулдар катуу жазаланып, 6 миңдейи Римден Капуяга кеткен жол боюна даргага асылган. С. көтөрүлүшү жеңилсе да, Италиядагы кул эрлик түзүлүштү бошоңдотуп, бийликтин империялык формага өтүүсүн тездеткен. С-ты К. Маркс ж-а В. И. Ленин жогору баалаган.

Ад.: Мишулин А. В., Спартаковское восстание, М., 1936; Горсков В., Военное искусство Спартака, «Военно-исторический журнал», 1972, № 8.

«СПАРТАК» — профсоюздардын бүткүл союздук ыктыярдуу спорт коому. Ал саламаттык сактоо, мад-т, элге билим берүү, жеңил ө. ж. ж. б. мин-волордун кызматкерлерин биріктирет. 1925—26-ж. ө. ж. кооперациясындагы физ-ра кружокторунан башталган. 1935-ж. ө. ж. кооперациясынын физ-ра ж-а спорт коому түзүлүп, ал 1960-ж. профсоюздардын ыктыярдуу коомуна айланган. 1975-ж. «С.» 6,2 млн-дон ашуун спортсменди биріктирген. 1937-ж. коом Ленин ордени м-н сыйланган. «С.» коомунун Кыргыз ССР респ-калык совети 1936-ж. «Интергельпо» артелинин базасында түзүлүп, футбол, спорттук гимнастика, оор атлетика б-ча алгачкы секция ж-а командалар уюшулган. Респ-када «С.» коому профсоюздагы 179 миң кишини, о. эле атайын билим берүүчү 28 окуу жайын тейлейт. Спорттун 37 түрү б-ча секцияларда 44697 киши машыгат (1979). Коом 2 СССР спортунун эл аралык класстагы мастерин, 244 спорт мастерин, 5228 мастерликке кандидатын ж-а I-разряддагы спортсменди, Кыргыз ССРинин эмг. сиң. 5 тренерин даярдады (1979). Кыргыз спартакчыларынан К. *Оторбаев (футбол)*, С. Яковенко, Н. Лодин (бокс), В. Тимченко, Ю. Лыков *(фехтование)* ж. б. белгилүү. Респ-канын спартакчылары өлкөнүн биринчилигинде бардыгы болуп 10 алтын, 16 күмүш, 27 коло медаль жеңип алган (1979). Европанын биринчилигинде В. Неплях (байдарка ж-а каноэ) 2 күмүш медаль алган (1975). «С-та» эркин күрөш б-ча эл аралык категориядагы судья К. Сарымсаков тарбияланган. «СССРди коргоого жана эмгекке даяр» значок элерин даярдоодогу ийгилиги үчүн респ-калык совет ВЦСПСтин өтмө Кызыл Туусу м-н бир нече жолу сыйланган.

СПАРТАК — Москва р-нундагы Чапаев айыл советине карштуу кыштак. «Путь Ленина» к-зунун аймагында. Райондун борбору ж-а т. ж. станциясы Беловодскийден 22 *км* түн. тарапта. Калкы 1115 (1979). Орто мектеп, клуб, китепкана, участкалык оорукана бар. С. 1930-ж. негизделген.

СПАРТАКИАДА — спорттун ар кандай түрлөрү б-ча массалык мелдештер. СССРде 1-С. *(Спартактын* атынан) 1923-ж. Кызыл Аскер белүктөрүндө ж-а Петрограддагы Спартак атн. жаштар уюмунда өткөрүлгөн. 1928-ж. Москвада болгон бүткүл союздук С-га 7 миңден ашуун киши катышкан. 1956-жылдан СССР элдеринин С-сы ар бир төрт жылда, Олимпиялык оюндардан 1 жыл мурун өткөрүлөт. Финалдык мелдештердин программасында СССРде таралган спорттун олимпиялык түрлөрү бар. СССР профсоюздарынын С-сы 1932-жылдан өткөрүлөт. С-ның программасына спорттун олимпиялык ж-а аскердик колдонмо түрлөрү кирет. СССР ДОСААФтын С-сы спорттун тех. түрлөрү б-ча жүргүзүлөт. «Динамо» коомунун С-сы 9 жолу өттү (1933—73-ж.). Мектеп окуучуларынын С-сы 1954-жылдан (1961-жылга чейин жылыга, андан кийин 2 жылда бир жолу) өткөрүлөт. Кырг-ида мектеп окуучуларынын С-сы 31, ыктыярдуу спорт коомдорунуку — 18, аймактык С. 20 жолу өткөрүлдү (1979). Кыргыздын улуттук оюндары кыз куумай, ордо, оодарыш, улак тартыш ж. б. б-ча 1952-жылдан өткөрүлөт.

«СПАРТАК СОЮЗУ» — немец солчул социал-демократтарынын рев-ячыл уюму. 1918-ж. 11-ноябрда пропагандисттик «Спартак тобунун» (1915-ж. уюшулган) кайра түзүлүшүнүн нәтыйжасында негизделген. «С. с-нун» жаңы шайланган БКсына К. *Либкнехт*, Р. *Люксембург*, Ф. Меринг, Г. Л. Иогихес, В. *Пик* ж. б-лар кирген. «С. с.» 1918-жылдын аягына чейин Германия көз карандысыз с.-д. партиясынын составында болгон. Ноябрь рев-ясы (1918) мезгилинде аны өнүгүшү ж-а тереңдеши үчүн күрөшүп, «Бардык бийлик Советтерге!» деген ураан көтөргөн. «С. с.» рев-янын жүрүшүндө жумушчуларды куралдануу-га чакырып, Германиядагы с.-д. партиялардын реформачыл саясатына сокку урган. «С. с.» өзүнүн «Роте фане» газетасы аркылуу немец пролетариатынын өз алдынча рев-ячыл партиясын түзүү үчүн күрөшкөн. 1918-ж. декабрда спартакчылар м-н радикалдардын жалпы германдык конф-ясында *Германия коммунисттик партиясы* негизделген.

СПАРТА ТАРБИЯСЫ — б. з. ч. 8—4-к-да Спартада (Байыркы Грецияда) тарбиялоонун ж-а окутуунун мамл. системасы. Анын максаты күл эрлик түзүлүшкө берилген күчтүү, туруктуу, эр жүрөк, кайраттуу аскерди даярдоо болгон. 7—8ден 20 жашка чейинкилер аскердик типтеги мамл. интернаттарда тарбияланган. Дене тарбиялык машыгуу, дең соолукту чыңдоо, аскер өнөрү, окуп, жаза билүүгө, кыска, так сүйлөөгө, муз. аспаптарда ойноого үйрөтүү, кыздарды болсо үй-бүлөдө дене тарбия ишине ар тараптан машыктыруу да С. т-ның системасына кирген.

СПАСОВКА — Ош обл-ның Сузак р-нундагы Кызыл-Туу айыл советине карштуу кыштак. Карл Маркс атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Сузактан 12 *км* батыш тарапта. Жалал-Абад ш-нан 10 *км*. Калкы 1539 (1979). Сегиз жылдык мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар. С. 1907-ж. негизделген.

СПЕЙБЛ ЖАНА ГУРВИНЕК — чехосл-ялык куурчак театрдагы кейипкер, к. П. *Скупа*.

СПЕКТАКЛЬ (лат. spectaculum — көрүнүш) — режиссёр-коюучунун жетекчилиги м-н театр коллективи (актёрлор, сүрөтчү-жасалгалоочулар, композиторлор ж. б.) түзгөн сахна өнөр чыгармасы. Драма театрында С-ди даярдоо көрүүчүлөрдүн рухий ж-а эстетикалык талабына, труппанын мүмкүнчүлүгүнө жараша пьеса тандоодон башталат. К. *Театр, Режиссёр өнөрү, Театр декорация өнөрү*.

СПЕКТР (лат. spectrum — көрүнүш, образ) физикада — физ. чоңдуктун түрдүү маанилеринин жыйындысы. С. үзгүлтүксүз ж-а дискреттүү (үзгүлтүктүү) болушу мүмкүн. С. түшүнүгү көбүнчө термелүү процесстеринде (үн С., термелүү С., оптикалык С.) колдонулат. Термелүү С-и — берилген татаал термелүү кыймылы ажыратылган жөнөкөй гармоникалык термелүүлөрдүн жыйындысы. Матем. түрдө алганда мындай кыймыл жыштыгы ω болгон $f(t)$ гармоникалык эмес мезгилдүү функция түрүндө жазылат. Бул функцияны бир нече гармоникалык функциялар түрүндөгү С-лерге ажыратууга болот. Оптикалык С. — электр-магнит толкундарынын инфракызыл, көзгө көрүнгөн ж-а ультракызгылт көк диапазондорунда нур чыгаруу С-и. Бул С-лер нур чыгаруу, жутулуу, чачыроо ж-а чачылуу С-лери болуп айырмаланат. Ядро физикасында С. түшүнүгү массанын, импульстун, энергияның, ылдамдыктын С-и деген мааниде колдонулат.

СПЕКТР АНАЛИЗИ — заттардын хим. составын, анын атомдорунун спектрinin жардамы м-н аныктоочу физ. метод. Хим. анализдей эле С. а. м-н сандык ж-а сапаттык анализдер жүргүзүлөт. Биринчи жолу С. а-н 1859-ж. немец илимпоздору Г. Р. Кирхгоф м-н Р. Бунзен колдонгон. Жутулуу спектри колдонулса — абсорбциялык С. а., ал эми нур чыгаруу спектри колдонулса эмиссиялык С. а. деп аталат. Спектр сызыктарынын толкундарынын узундугуна ж-а касиетине жараша молекулалык, атомдук, ядролук, рентгендик С. а. болуп бөлүнөт. Жалын, жаа, учкун ж. б. электр разряддары м-н өтө жогорку темп-рага чейин ысытылган бардык заттар өзүнө мүнөздүү жарык нурун чыгарат. Менделеевдин мезгилдик системасындагы ар бир элемент толкун узундугу м-н айырмаланган өзүнө мүнөздүү спектр сызыктарына ээ. Ошол спектр сызыктарынын составы б-ча анализденүүчү затта кайсы элементтердин, ал эми интенсивдүүлүгү б-ча элементтердин канчалык санда бар экендиги аныкталат. С. а. спектрди байкоо шартына жараша көз м-н көрүүчү (визуалдык), фотографиялык ж-а фотоэлектрдик болуп бөлүнөт. Визуалдык анализдерде изилденүүчү элементтердин спектри көз м-н баалаңып, анализ өтө так жасалбайт. Фотографиялык анализде спектрлер фотопластинкага же плёнкага тартылып алынып, микрофотометр м-н анализденет. Фотоэлектрдик анализде спектр сызыгы фотоэлементтер аркылуу кабыл алынып, анализ так ж-а бат жүргүзүлөт. С. а. 1930-жылдан тартып СССРде Г. С. Ландсберг ж-а Д. С. Рождественскийдин жетекчилиги м-н өндүрүшкө киргизилди.

Ад.: Чулановский В. М., Введение в молекулярный спектральный анализ, М.—Л., 1951; Зайдель А. Н., Основы спектрального анализа, М., 1965; Жээнбаев Ж., Спектралдык анализ жана аны техникада колдонулушу, Фр., 1970.

СПЕКТР-ГЕЛИОГРАФ *(спектр* ж-а *гелиограф)* — күн дискасын монохром жарык м-н сүрөткө тартууга арналган спектрдик астр-ялык прибор. С.-г. м-н алынган сүрөт Күн дискасынын ж-а анын чет жагындагы ар кандай түзүлүштүн көрүүгө мүмкүндүк берет. Спектрогелиограмманы алуу үчүн көпчүлүк учурда суутектин ж-а иондошкон кальцийдин спектр сызыктары, о. эле суутектин Hα сызыгы пайдаланылат. Алгачкы жолу протуберанц спектрогелиограммасы (1891) м-н бүтүндөй Күн дискасынын спектрограммасы (1892) алынган. С.-г-тын биринчи конструкциясын 19-к-дын 90-жылдары А. Деландр (Франция), Э. Хейл (АКШ) ж-а Ж. Эвершед (Индия) түзгөн.

СПЕКТР ЛАМПАСЫ — хим. элементтердин атомдорунун спектрлери алына турган газ разряддуу прибор. С. л-нда жаа ж-а бүлбүлдөө электр разряддары колдонулат да, алар изилденүүчү элементтин буусунун басымы 10^{-3}—1 *сым. мам. мм*ниде ж-а инертүү газдын басымы 1—5 *сым. мам. мм* болгон шартта иштетилет. С. л. — негизинен сызыктуу спектрдин булагы. Сызыктуу спектр м-н кошо ультракызгылт көк аймакта туташ спектр нурланта турган суутектүү лампалар С. л-нан башкача болот. С. л. *интерферометрде*, жыштыктардын стандарттарында, фотоэлектрдик спектр прибордорунда ж. б. колдонулат.

СПЕКТРОГРАФ *(спектр* ж-а *...граф)* — нурлануу спектри алына турган ж-а ошол эле убакта ал спектр каттала турган оптикалык прибор. С. нурлануу спектрлерге ажыратуучу бир же бир нече призмадан же дифракциялык торчодон турат. Ал спектрлер көп элементтүү фотокабылдагыч ж-а электр оптикалык өзгөрткүч м-н фотоматериалдарга түшүрүлөт. С. заттардын спектрин өндүрүштүк ж-а ил. из., асман объектилеринин физ. касиетин ж-а кыймылын астр-ялык изилдөөдө колдонулат.

СПЕКТРОМЕТРИЯ *(спектр* ж-а *...метрия)* — спектрлердин теориясын ж-а өлчөө методун иштеп чыга турган ил. тармак. Оптикалык диапазондогу толкун узундуктарында С. колдонмо *спектроскопиянын, метрологиянын* ж-а сызыктуу система теориясынын бөлүмдөрүн камтыйт. С. спектр прибордун принциптүү схемасын ж-а эсептөөнүн ыңгайлуу методун тандап алууда колдонулат.

СПЕКТРОСКОПИЯ *(спектр* ж-а *...скопия)* — физиканын электр-магнит нурлануу спектрлерин изилдөөчү тармагы. С-ның методдору м-н атомдун, молекуланын ж-а алардан түзүлгөн макроскопиялык системанын энергия деңгээли изилденет. И. *Ньютон* биринчи жолу күн жарыгын спектрге ажыратқандан тартып (1666) С. пайда болгон. С-ның жардамы м-н астр-ялык объектилердин составы аныкталат. С. электр магниттик толкундун толкун узундугуна жараша радиоспектроскопия, оптикалык С., рентген С., гамма С. ж. б., ал эми изилденүүчү системанын табине жараша атомдук С., ядролук С. болуп айырмаланат. Плазмалык абалда турган заттардын касиети, кристаллдардын структурасы, лазерлердин иштөө принциптери негизинен С. методу м-н изилденет. Ошондуктан С-ның негизги бөлүгүнө спектр анализи, люминесценциялык ж-а комбинациялык методдор кирет.

Ад.: Ельяшевич М. А., Атомная и молекулярная спектроскопия, М., 1962.

СПЕКТРОФОТОМЕТРИЯ — өлчөгүч оптиканын бир бөлүгү. Ал заттан бөлүнүп чыккан же ага түшкөн нурдун чыгыш, сиңиш, чагылыш, чачыралыш интенсивдүүлүгүнүн толкундун узундугуна көз карандылыгын изилдейт. С. спектрдин ультракызгылт көк көрүнгөн инфракызыл областтарында жүргүзүлүп, аның негизинде ар кандай заттардын сиңирип алган спектрлерине жараша түзүлүшүн, составын ж-а санын аныктайт.

СПЕКТР ПРИБОРЛОРУ — оптикалык диапазондогу (10^{-3}—10^{3} *мкм*) электр магнит нурлануусунун толкун узундуктары б-ча спектрдик составын изилдөө, нурланткычтар м-н объектилердин спектрдик мүнөздөмөлөрүн табуу, о. эле *спектр анализи* үчүн колдонулуучу приборлор. Алар спектрометриялык, нурлануу кабылдоо методдору, толкун узундугунун изилденүүчү диапазону ж. б. мүнөздөмөлөрү б-ча айырмаланат. С. п-нун көп түрү бар. Алар спектрометриянын ар түрдүү методдоруна негизделген ж-а прибордун схемасы м-н конструкциясы ошол методдорго карата түзүлөт. С. п. негизги эки белги — каналдардын саны ж-а толкун узундуктарын λ мейкиндикте же убакытка жараша бөлүп ажыратуунун физ. методдоруна карай бөлүнөт. Бул жагынан биринчи колдонулган ж-а кеңирк таралган метод — «классикалык» деп аталган толкун узундуктарын мейкиндикте бөлүп ажыратуу методу. Андан кийин 60-жылдардын орто ченинен тартып кеңири таралып жаткан принциптүү «жаңы» метод селективдүү (таңдоо) модуляциялоо методу болду. Бул метод б-ча λны бөлүп ажыратуу процесси прибордун оптикалык бөлүгүндө эмес, электрдик бөлүгүндө аткарылат. Ушул методдор б-ча иштей турган С. п. бир каналдуу ж-а көп каналдуу болуп ажыратылат. Бир каналдуу прибордорго спектрометр, бир ж-а эки нурдуу спектрофотометр, тез иштөөчү хроноспектрометр, растрлуу спектрометр, көп каналдууларга жалындуу спектрофотометр, квантметр, спектрограф, адамар спектрометр, фурье-спектрометр кирет. Буларда зат чыгарган нурлануунун толкун узундуктары ал заттын составынын спектрин талдоо үчүн кеңири колдонулат.

Ад.: Пейсахсон И. В., Оптика спектральных приборов, Л., 1970; Якушенков Ю. Г., Основы теории и расчёта оптико-электронных приборов, М., 1971; Тарасов К. И., Спектральные приборы, Л., 1968.

СПЕКТР СЕРИЯЛАРЫ — энергиясы ар түрдүү жог. деңгээлдерге көтөрүлүп, дүүлүккөн атомдор кайра төмөнкү бир деңгээлге түшкөндө пайда болгон *спектр сызыктарынын* тобу. С. с-на кирген сызыктар белгилүү топторго бөлүнүп, бири биринен айырмаланат. С. с. Менделеевдин мезгилдик системасынын 1-тобуна кирген элементтердин спектрлеринен даана байкалат. С. с. атомдун ж-а молекуланын структурасын изилдөөдө кеңири колдонулат.

СПЕКТР СЫЗЫКТАРЫ — заттардын жутуу же чыгаруу спектринин белгилүү жыштык м-н мүнөздөлгөн өтө ичке бөлүгү. Көпчүлүк учурда С. с-ның эңинин ($\Delta\nu$) аның жыштыгына ν болгон катышы $\frac{\Delta\nu}{\nu} \approx 10^{-8} \div 10^{-3}$ болот. Практикада С. с-ның табигый эңин байкоо мүмкүн эмес, анткени аның эңи ошол сызык пайда болгон шартка көз каранды.

СПЕЛЕОЛОГИЯ (гр. spelaion — үңкүр ж-а *...логия)* — үңкүрлөрдү изилдөөчү

илим. Пайда болушун, морфологиясын (түрүн), микроклиматын, суусун, өсүмдүгүн, азыркы кездеги же байыркы үңкүр фаунасын, таш доорунда жашаган адамдардын материалдык мад-тынын калдыктарын, үңкүр бетиндеги сүрөттөрдү, азыркы пайдаланылышын изилдейт. С. 19-к-дын 2-жарымында пайда болгон. С-га негиз салуучулар француз илимпозу Э. А. Мартель, австриялык окумуштуулар А. Шмидль, Ф. Краус ж. б. болушкан. Эң чоң үңкүрлөр карст кубулушунан — суунун тоо тектерди эритүүсүнөн, тоо тектердин үзөлөнүүсүнөн, дефляция, абразия, суффозия, тектоникалык күчтөрдөн да пайда болот. С. б-ча илимий, спорттук коомдор ж. б уюмдар бар. Эл аралык спелеологиялык союз 1953-ж уюшулган. Спелеотуризм өнүгүүдө.

СПЕНДИАРОВ (чын фамилиясы — Спендиарян) Александр Афанасьевич [20. 10(1. 11). 1871, Каховка — 7. 5. 1928, Ереван] — сов. композитор, дирижёр, педагог, коомдук ишмер. Армян ССРинин эл арт. (1926). Композиция теориясы б-ча Н. С. Кленовский (Москва) м-н Н. А. Римский-Корсаковдон (Петербург) таалим алган. Көп жыл Крымда жашап, оздук хор, оркестрлерди уюштуруп, симф. концерттерде дирижёрлук кылган. 1924-жылдан Ереванда жашап, муз. мад-тты өнүктүрүү үчүн көп кызмат кылган. Армян музыкасынын классигин С. улуттук симфонияга негиз салган. «Үч курма» (1905), «Үгүтчү Бэда» (1907) симф. чыг-ларын ж-а «Биз эс алалы» (1910) аттуу обондуу декломациясы үчүн Глинка сыйлыгын (1908, 1910, 1912) алган. «Алмаст» (1928) операсын, «Крым этюддары» (2 сюита; 1903, 1912), романстар, хорлор, аспаптык чыг-лар, ырлар жазган. Армян опера ж-а балет театры С-дун ысмында.

Чыг.: Полн. собр. соч., сост. и ред. Г. Е. Будагян, т. 1—10, Ер., 1943—71.

Ад.: Тигранов Г., А. А. Спендиаров, 2 изд., М., 1971.

СПЕНСЕР Герберт (27. 4. 1820, Дерби — 8. 12. 1903, Брайтон) — англис философу, социолог ж-а психолог, позитивизмдин өкүлү. С. философияда агностик катары чыккан. Адамдын субъективдүү тажрыйбасынан тышкары чыгуу аракеттери «метафизика» болуп саналат деген. С. социологияда органикалык мектептин негиздөөчүсү болуп, адам коому тирүү организмге окшоштурган. Коомдун тапка бөлүнүшү биол. закондун натыйжасы болгондуктан ал түбөлүк жашайт деп эсептеген. Ал тең салмак теориясына таянып, капитализмдеги карама-каршылыкты танган. В. И. Ленин С-дин көз карашынын материализмге каршы экендигин белгилеген. «Прогресс, анын закону жана себеби» — деген биол. изилдөөсүндө С. эволюциялык көз карашты колдогон.

СПЕРАНСКИЙ Георгий Несторович [7(19). 2. 1873, Москва — 14. 1. 1969, ошол эле жер] — сов. педиатр, эне ж-а баланы коргоо системасын түзүүчүлөрдүн бири, СССР ИАнын корр. мүчөсү (1943), СССР МИАнын акад. (1944), Соц. Эмг. Баатыры (1957). Москва ун-тинин мед. ф-тетин бүткөн (1898). 1912-ж. Москвада эмчектеги балдар үйүн биринчи ачкан. 1922-жылдан Эне ж-а баланы коргоо ин-тун (азыр СССР МИАнын Педиатрия ин-ту) директор. 1931—62-ж. Врачтардын билимин өркүндөтүү борб. институнда кафедра башчысы. Негизги эмгектери төрөткө чейин ж-а төрөттөн кийинки профилактикага, ымыркай балдардын физиологиясы ж-а патологиясы, балдарды тамактандыруу ж. б-га арналган. Лениндик сыйл. лауреаты (1970). Төрт Ленин ордени, башка ордендер ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Питание здорового и больного ребёнка, М., 1958 (соавт.); Азбука матери, 15 изд., К., 1948; Мать и дитя, М., 1960 (совм. с В. А. Архангельским).

Ад.: Чумаевская О. А., Г. Н. Сперанский, М., 1973.

СПЕРАНСКИЙ Михаил Михайлович 1(12). 1. 1772, Черкутино кыш., азыркы Владимир обл. — 11(23). 2. 1839, Петербург — орус мамл. ишмери, граф (1839). Дин кызматкеринин үй-бүлөсүнөн. Рев-ячыл кыймылды бостурбоо максатында жеке бийликке конституциялык мүнөз берүүнү, крепостной түзүлүштү капитал. өнүгүүнүн талаптарына ыңгайлаштырууну көздөгөн мамл. реформанын долбоорун сунуш кылган (1809). 1812-ж. дворяндардын кысымы м-н мамл. иштен четтетилген. 1816-ж. Пензанын губернатору, 1819-ж. Сибирдин генерал-губернатору болуп дайындалган. 1821-ж. борборго кайра келген. Мамл. советтин мүчөсү болгон. Декабристтердин иши б-ча өкүм даярдоого катышкан. «Россия империясынын закондорунун толук жыйнагын» ж-а «Закондор жыйнагынын» басылышын жетектеген.

Ад.: Предтеченский А. В., Очерки общественно-политической истории России в первой четверти XIX в., М., 1957.

СПЕРМА (гр. spérma — урук) — *спермотозоид* аралашкан илээшкек, бозомтук суюктук. С. эркек организмдин жыныс органдарында пайда болот. С-нын пайда болушу жыныстык жактан жетилген мезгилде башталып, организмдин ден соолугуна, жашына ж-а жыл мезгилине жараша болот. С. сот-мед. практикада ж-а тукумсуздуктун себебин билүү ж. б. үчүн изилдөөлөт; малды уруктандырууда кеңири колдонулат.

СПЕРМАТОГЕНЕЗ, спермогенез (*сперма* ж-а *...генез*) — киши, айбан ж-а көө бир өсүмдүктөрдүн диплоиддүү аталык жыныс клеткасынын гаплоиддүү, эркин клетка—*сперматозоидге* айлануу процесси.

СПЕРМАТОЗОИД, спермий (*сперма*, гр. zoon — тирүү зат ж-а éidos — түр) — кишинин, айбанаттын ж-а көчүлүк өсүмдүктөрдүн аталык жыныс клеткасы. С. аталык безде өөрчүйт. Бардык омурткалуулардын ж-а көчүлүк омурткасыздардын С-и шапалактуу (куйруктуу) болуп, ал кымыл кызматын аткарат. Көө бир курттар, рак сымалдар ж-а кенелердин С-и куйруксуз, түрдүү түзүлүштө болуп, амёба сымал кыймылдайт. Куйруктуу С-дин башында ядросу болот. Айбанаттын С-инин башы белок, минерал заттар ж-а бир аз липиддерден турат. Андан тышкары нуклеопротеиддер, липопротеиддер болуп, тукум куучулук белгилерди сактайт. С-дин составындагы ферменттер *энелик клетканын* челин бузуп кирип, *уруктанууга* шарт түзөт. С-дин уруктандыруу жөндөмдүүлүгү анын санына ж-а сапатына байланыштуу.

СПИДОМЕТР (англ. speed — ылдамдык ж-а *...метр*) — автомобилдин кыймылынын ылдамдыгын ж-а өткөн жолун аныктоочу прибор. С-де ылдамдыктын магниттик типтеги көрсөткүчү ж-а роликтүү типтеги өткөн жолду санагыч пайдаланылат. Мех. аракетке келтиргенде С-дин көрсөткүчү ж-а санагычы ийилгич вал аркылуу редуктор м-н бириктирилет. Редуктордун тиштүү дөңгөлекторунун бири жетеленме вал м-н кошо айланат. Электр м-н аракетке келтиргенде С-дин билдиргичи кыймыл өткөргүч кутунун жетеленме валы м-н бириктирилет.

СПИЛИТ (гр. spilos — так, темгил) — суу астында жанар тоонун атылышынан пайда болгон эффузив (базальт) тоо теги. Майда бүртүкчөлүү, айрым учурда порфир сымал. Натрийдин кычкылы м-н альбитке бай. Составында кремний к-тасына караганда караңгы түстөгү минералдар басымдуу. С. деңиз шартында пайда болгон чөкмө тектердин арасында кезигет.

СПИН (англ. spin — айлануу, тегеренүү) — элементардык бөлүкчөлөрдүн же алардан түзүлгөн системанын кыймыл санынын (импульсунун) өздүк (ички) моменти. С. бөлүкчөнүн кванттык касиети; ал бөлүкчөлөрдүн мейкиндиктеги кыймылы м-н байланышы жок ж-а аны классикалык физиканын жоболору м-н түшүндүрүүгө мүмкүн эмес. С. вектордук чоңдук. Анын модулунун квадраты $\hbar^2 s(s+1)$ түюнтмасына барабар, мында $\hbar = h/2\pi$; h — Планк туруктуулугу; s — бөлүкчөнүн мүнөздүү бүтүн же бүтүндүн жарымы болгон оң сан. С-и бүтүндүн жарымы ($^1/_2$) болгон бөлүкчөлөр (мис., *электрон, протон, нейтрон*) — фермиондор, ал эми С-и бүтүн сан болгон бөлүкчөлөр (мис., *Пимезон*, $s=0$; *фотон*, $s=1$) — бозондор деп аталат. С. — микробөлүкчөлөрдүн негизги мүнөздөмөлөрүнүн бири.


СПИНОЗА Бенедикт (Барух) (24. 11. 1632, Амстердам — 21. 2. 1677, Гаага) — нидерланд философу, материалист, пантеист ж-а атеист. Көпөстүн үй-бүлөсүнөн. Атеисттик көз карашы үчүн Амстердам еврей жамаатынан чыгарылган. Иудаизмдин элдешкен душманы болгон. Реси-калык башкаруучу жактан, монархияга каршы чыккан.

С-нын филос. көз карашы адегенде о. к. ылымдагы еврей философиясынын (Маймонид, Крескас ж. б.) таасиринде калыптанып, Ж. Бруноңун, Р. Декарттын, Т. Гоббстун идеялары м-н таанышкан соң андан кутулган. Кудай м-н жаратылыштын теңдештиги ж-дөгү ойду колдоп, аны бүтүн ж-а түбөлүк субстанция деп түшүнгөн. С-нын ою б-ча субстанциянын *атрибуту* көп, бирок адам акылы алардын ичинен экөөнү — аралыкты ж-а ойлоону гана көрө алат.

Буюмдар дүйнөсүн пликтөөдө С. детерминизм позициясында турган. Ал философияда геом. методду түзгөн. Дүйнөнү матем. система катары каран, аны түп-тамырынан геом. жол м-н таанып билүүгө болот деп ишенген. С. билимдин үч түрүн белгилеген: 1) сезим таанымы — акыйкаттын элементи болгону м-н объектинин туура чагылдыра албайт; 2) түшүнүү — нукура акыйкаттын бирденбир булагы; 3) интуиция — аныктын билимдин негизи. С. эркти акыл-эске, эркиндикти таанымга теңештирген. Коом закон ченемин адам табиятынын өзгөчөлүктөрүнө байланыштырган. Адамдын жеке мүдөөсү м-н коом талабынын шайкеш келүү мүмкүндүгүнө ишенген. С. Библияны ил. негизде сындап, терең атеисттик идеяларды айткан.

Ад.: Коников И. А., Материализм Спинозы, М., 1971; Соколов В. В., Философия Спинозы и современность, М., 1964.

СПИРАЛЬ (гр. spéira — ором) — тегиздиктеги кандайдыр бир чекитти көп жолу айланып ж-а ар бир айлануусунда ал чекитке жакындоочу же алыстоочу ийри сызык. Эгер O чекитин уюл координаталар системасынын уюлу десек, С. теңдемеси төмөнкүдөй жазылат: $\rho = f(\varphi)$. Ар кандай φ үчүн $f(\varphi+2\pi) > f(\varphi)$ же $f(\varphi+2\pi) < f(\varphi)$ барабарсыздыгы канааттандырылат. Мис., $f(\varphi)$ монотондуу өсүүчү же кемүүчү оң функция болсо, $\rho = f(\varphi)$ теңдеме ар түрдүү С-ды берет. С-дын түрлөрү: Архимед С-ы — $\rho = a\varphi$, гиперболалык С. — $\rho = a/\varphi$, параболалык С. — $(a-\rho)^2 = b\varphi$, логарифмдик С. — $\rho = ae^{k\varphi}$.



СПИРИН Александр Сергеевич (4. 9. 1931-ж. т., азыркы Калининград ш., Москва обл.) — сов. биохимик, СССР ИАнын акад. (1970; корр. мүчө, 1966). МГУну бүткөн (1954). 1962-жылдан СССР ИАнын А. Н. Бах атн. Биохимия ин-тунда лабор-я башчысы. 1964-жылдан МГУнун өсүмдүк биохимиясы кафедрасынын профессору. 1973-жылдан кафедра башчысы. СССР ИАнын Белок ин-тун түзгөн ж-а жетектеген (1967). Эмгектеринин негизги багыты — нуклеин к-таларынын биохимиясы ж-а белоктун биосинтези. Ал информациялык РНКны ачкан, ири полимерлүү РНКнын макромолекулалык структурасын жазып, рибосоманын структуралык өзгөрүшүн тактаган. Белоктун биосинтезиндеги рибосома механизминин моделин сунуш кылган. Лениндик сыйл. лауреаты (1976). Ленин ордени м-н сыйланган.

Эмг.: Рибонуклеиновые кислоты (Состав, строение и биологическая роль), М., 1964; Рибосома, 2 изд., М., 1971 (совм. с Л. П. Гавриловой).

СПИРИТИЗМ (лат. spiritus — жан) — жан адам өлгөндөн кийин да жашай берет ж-а аны м-н байланыш түзүүгө мүмкүн деген мистикалык агым. 19-к-дын орто ченинде АКШда пайда болуп, кийин Батыш Европага тараган. Адам өлгөндөн кийин да жан жашай берет деген түшүнүк байыркы диндерде да орун алган (к. *Анимизм*). С. бат эле массалык мүнөзгө өтүп, аның өкүлдөрү өлгөн адамдын жаны жашоосун уланта берерин «эксперимент жолу м-н далилдөөгө» аракеттенишкен. Спиритизм сеансында үй буюмдарынын кыймылы, музыка аспаптарынын добушу, жарыктын пайда болушу ж. б. кубулуштар өлгөндөрдүн жаны м-н байланыш түзүүнүн күбөсү катары көрсөтүлөт. Батышта С. б-ча коомдор ж-а ассоциациялар уюштурулган, газета-журналдар чыгарылат. С-дин «теоретиктери»: А. Ж. Дейвис, А. Кардек ж. б. Ф. Энгельс С-ди жалган ишенимдердин жеткен жапайысы деп атаган. Илимпоз-материалисттер С. м-н элдешпес күрөш жүргүзүүдө.

СПИРИТУАЛИЗМ (лат. spiritus — дух, жан) — духту дүйнөнүн башталмасы, материядан тышкары ж-а ага көз карандысыз субстанция деп эсептеген объективдүү-идеалисттик көз караш. Филос. термин катары франц. идеалист В. Кузен (1792—1867) киргизген. 19—20-к-да франц. ж-а итал. философиядагы айрым мектептер, агымдар ушундайча аталган. Алар кудай бар, жан түбөлүктүү дешет.

СПИРОХЕТАЛАР (гр. spéira — ийри-буйру, түрмөк ж-а cháite — чач) — клеткасы бурама сымал (диаметри 0,1—0,6, уз. 5—500 *мкм*) болгон *бактериялар*. Көчүлүгүнүн ичке ок жиби болот да, ага клетканын дениеси бүралып оролот. Алар ийри-буйру кыймылдайт. Бөлүнүү жолу м-н көбөйөт. Залалсыз С. түзсүз сууларда жашап, оору козгоочулары моллюскаларда жана белоктун биосинтези. Ал информациялык РНКны ачкан, ири полимерлүү РНКнын макромолекулалык структурасын жазып, рибосоманын структуралык өзгөрүшүн тактаган. Белоктун биосинтезиндеги рибосома механизминин моделин сунуш кылган. Лениндик сыйл. лауреаты (1976). Ленин ордени м-н сыйланган.


Г. Н. Сперанский.


Б. Спиноза.

Эмг.: Рибонуклеиновые кислоты (Состав, строение и биологическая роль), М., 1964; Рибосома, 2 изд., М., 1971 (совм. с Л. П. Гавриловой).

СПИРИТУАЛИЗМ (лат. spiritus — дух, жан) — духту дүйнөнүн башталмасы, материядан тышкары ж-а ага көз карандысыз субстанция деп эсептеген объективдүү-идеалисттик көз караш. Филос. термин катары франц. идеалист В. Кузен (1792—1867) киргизген. 19—20-к-да франц. ж-а итал. философиядагы айрым мектептер, агымдар ушундайча аталган. Алар кудай бар, жан түбөлүктүү дешет.

СПИРОХЕТАЛАР (гр. spéira — ийри-буйру, түрмөк ж-а cháite — чач) — клеткасы бурама сымал (диаметри 0,1—0,6, уз. 5—500 *мкм*) болгон *бактериялар*. Көчүлүгүнүн ичке ок жиби болот да, ага клетканын дениеси бүралып оролот. Алар ийри-буйру кыймылдайт. Бөлүнүү жолу м-н көбөйөт. Залалсыз С. түзсүз сууларда жашап, оору козгоочулары моллюскаларда жана белоктун биосинтези. Ал информациялык РНКны ачкан, ири полимерлүү РНКнын макромолекулалык структурасын жазып, рибосоманын структуралык өзгөрүшүн тактаган. Белоктун биосинтезиндеги рибосома механизминин моделин сунуш кылган. Лениндик сыйл. лауреаты (1976). Ленин ордени м-н сыйланган

(1975, 1977) жог. категориядагы спирт, көмүр кычкыл газ, тоют ачыткысы даярдалат. Заводдо бардык өндүрүш процесси автоматташтырылган. «Агрокант кызылча өнөр жай» өндүрштүк бирикмесине кирет. Продукциясы О. Азия респ-каларына жөнөтүлөт.

Ад.: Климовский Д. Н., Смирнов В. А., Стабников В. Н., Технология спирта, 4 изд., М., 1967.

СПИРТТЕР — көмүртектин капыккан атому м-н байланышкан бир же бир нече гидроксил тобу (—ОН) бар углеводороддор. Молекуласындагы ОН тобунун санына жараша бир, эки, үч ж-а көп атомдуу болуп бөлүнөт. Бир атомдуу С. биринчилик (—CH_2OH), экинчилик ( ) CHOH) ж-а үчүнчүлүк (≡C—OH) болуп айырмаланат. Углеводороддук радикалдын мүнөзүнө карата ациклдүү (мис., *метил спирти, этил спирти)*, алициклдүү (*циклогексанол)*, май ароматтык *(бензил спирти)* ж-а гетероциклдүү (фурил) С. болот. С. тиешелүү углеводород радикалынын аты м-н аталат, мис., CH_3—OH (метил С.), C_2H_5—OH (этил С.) ж. б. Төменкү молекулалуу бир атомдуу алифаттык С. — алкоголь жыттанган, түссүз суюктук, суу м-н бардык катышта аралашат. Гликолдор, глицериндер (C_4—C_5) — май сымал суюктуктар. Ири молекулалуу С. (C_{12} ден баштап) — жытсыз, катуу заттар, сууда эрибейт. С. орг. эриткичтерде жакшы эрийт ж-а өздөрү эриткич болушат. Суу ж-а айрым орг. бирикмелер м-н *азеотроптук аралашмаларды* берет. Жогич ж-а кээ бир башка металлдар м-н алкоголяттарды (к. *Алкоголяттар жана феноляттар)*, кислоталар м-н эфирлерди пайда кылат. Өндүрүштө С. алкилгалогенидерди гидролиздөө, алефиндерди гидраттоо, карбонилдүү бирикмелерди калыбына келтирүү ж. б. жолдор м-н алынат. Боёк өндүрүшүндө жарым продукт катары синтет. буларды, пластмасса, лак-боёк материалдарды, кир кетиргич ж-а дары каражаттарды ж. б. алууда колдонулат.

СПИТАМЕН — б. з. ч. 329-ж. Александр Македонскийге каршы *Согд* м-н Бактриядагы көтөрүлүштү жетектеген согд аскер башчысы. Александрдын өчүнөн коркпон көчмөндөрдүн жол башчылары (б. з. ч. 328-ж.) колдуу өлгөн. Көтөрүлүш б. з. ч. 327-ж. гана басылган.

СПИЦЫН Виктор Иванович [12(25). 4. 1902-ж. т., Москва] — сов. химик, СССР ИАнын акад. (1958; корр. мүчө, 1946), Соц. Эмг. Баатыры (1969). 1941-жылдан КПСС мүчөсү. Москва ун-тин (1922) бүткөн. 1942-жылдан ошол эле ун-тте проф., 1942—48-ж. проректор, 1949-жылдан СССР ИАнын Физ. химия ин-тунда (1953-жылдан директор) иштейт. С-дын негизги эмгектери сейрек элементтер химиясы, комплекстүү бирикмелер, лантаноиддер, платина металлдарына ж. б. арналган. С. кызматташтары м-н бирге 7 валенттүү Np, Pu ж-а Am дин бирикмелерин алып, алардын касиеттерин изилдеген. Атомдук өндүрүштөн чыккан радиоактивдүү калдыктардан Tc ж. б. баалуу компоненттерди бөлүү методдорун иштеп чыккан. Төрт Ленин ордени, Октябрь Революциясы, Эмгек Кызыл Туу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Физико-химические свойства радиоактивных твердых тел, М., 1973 (совм. с В. В. Громовым).

СПЛИТ — Югосл-ядагы порт шаар. Хорват Соц. Респ-касында. Калкы 158 мин (1974). Кеме куруу, цемент (өлкөдөгү продукциянын $^1/_2$-бөлүгө жакыны), химия, тамак-аш, текстиль ө. ж. ишканалары иштейт. Биология-океанография пл. из. ин-ту, деңиз, арх-я, этнография музейлери бар. Туризмдин борбору ж-а деңиз курорту. Байыркы рим арх-ра эстеликтери сакталган.

СПОДУМЕН (гр. spodúmenos — күлгө айлануучу, spodós — күл), трифан — пироксендер тобундагы минерал. Хим. формуласы $LiAl[Si_2O_6]$. Призма системасында кристалданат. Өңү боз, саргыч, жашыл сымал, кызгылтым, айрым учурда түссүз. С-дын кызгылт ж-а кызгылт көк түстөгүсү кунцит, ачык жашылы гидденит деп аталат. Айнек сымал жылгырайт; катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 6,5—7; салышт. салм. 3,1—3,2. С. гранит пегматитинде кварц, талаа шпаты, лепидолит, берилл ж. б-лар м-н бирге кезигет. Кунцит м-н гидденит асыл ж-а кооз таш катары эсептелет. С. — литий металлын алуучу негизги минерал.

СПОНДИЛОАРТРӨЗ (гр. spóndylos— омуртка ж-а árthron — муун) — омурткanын майда муундарынын өнөкөт оорусу. Анын пайда болушуна омуртка тутумунун травмасы же күчүрконун калышы, денедеги зат алмашуунун бузулушу ж. б. себепкер. С-до көбүнчө моюн ж-а бел омурткаларындагы муундардын ички бети калыңдап, омурткanын четтери өсүп, омуртка тутумунун кыймылы ыңгайсыз болуп калат. С. улгайган кишилерде, жүк көтөрүүчүлөрдө, дайыма эңкейип кайра турууга байланыштуу жумуш иштегендерде көп кездешет. Адамдын мойну, бели, буту ооруйт, басууга кыйынчылык келет. Оору рентгендин жардамы м-н аныкталат. Дарылоодо *физиотерапия, витаминдер, диета* ж. б. колдонулат.

СПОНТАНДЫК НУРЛАНУУ — дүүлүккөн абалдагы атомдордун ж-а башка квант системаларынын өзүнөн өзү электр-магнит нур чыгаруусу. С. н-нун аргасыздан болгон нурлануудан айырмасы — квант системасынын сырткы электр-магнит нурлануунун аракетине көз каранды эместиги; анын нурлануу закон ченеми спонтандык ажыроонун башка тибине окшош эле ошол системанын өздүк касиети м-н аныкталат. Дүүлүккөн система энергиянын жог. деңгээлинен энергиянын төмөнкү деңгээлине спонтандык кванттык өтүү учурунда С. н. пайда болот, ал фотондун жыштыгы м-н мүнөздөлөт.

СПОРАДА АРАЛДАРЫ Эгей деңизинде. Аралдардын 2 тобунан (Түн. Спорада ж-а Түш. Спорада) турат. Грециянын карамагында. Түн. Спорада 77 аралдан (Скирос, Скиатос, Скопелос, Хилиодромия ж. б.) турат. Аянты 540 $км^2$. Бийикт. 793 *м*. Карст өңүккөн. Түш. Спорадanын аянты 3,5 миң $км^2$. Ири аралдары — Родос, Самос, Икария ж. б. Бийикт. 1436 *м*. С. а. негизинен аки таш тегинен турат. Климаты жер ортолук деңиздик. Январдын орт. темп-расы 8—13°С. Маквис бадалы, эмен, кипарис ж. б. өсөт. Дыйканчылык, мал чарбасы ж-а балык уулоо өнүккөн.

СПОРАЛАР (гр. sporá — себүү, урук) — өсүмдүктөрдө ж-а кээ бир жаныбарларда (споровиктер) көбөйүү, таралуу, катаал шарттардан сактануу кызматын аткаруучу, көбүнчө бир же бир нече клеткалуу, микроскоп аркылуу гана көрүнүүчү денечелер. С. ар кандай формада (көбүнчө тоголок, жумуру, кээде цилиндр ж. б. сыяктуу), жыныстык ж-а жыныссыз жол м-н пайда болот. С-дын кабыгы (спородермасы) көбүнчө калың, протопласттуу азык заттарга бай. С-дын катаал шарттарга чыдамдуулугу, өсүүгө жөндөмдүүлүгү бир нече жылга чейин сакталат. Мис., кээ бир бактериялардын С-ы 30 *мин* кайнатканда да өлбөйт. С. шамал, суу, курт-кумурскалар, жаныбарлар аркылуу тарайт. Кээ биринин шапалакчалары бар, алар өтө кыймылдуу болуп зооспоралар деп аталат. Ар кандай организмде пайда болгон С-дын саны ар түрдүү, мис., бактерияларда бирден гана С. пайда болсо, кээ бир козу карындарда триллионго жетет. Жөнөкөй түзүлүштүү өсүмдүктөрдүн С-ынан жагымдуу шартта бүтүндөй өсүмдүк, ал эми татаал түзүлүштүү өсүмдүктөрдүн С-ынан гаметофиттер, бактериялардын С-ынан жаңы клетка өсүп чыгат.

Ад.: Поддубная-Арнольди В. А., Общая эмбриология покрытосеменных растений, М., 1964; Жизнь животных, т. 1, М., 1968.

СПОРАЛУУ ӨСҮМДҮКТӨР — *споралары* м-н таралуучу ж-а көбөйүүчү өсүмдүктөр (балыр, бактериялар, козу карындар, папоротниктер ж. б.). С. ө. көбөйүүсү ж-а таралуусу урук аркылуу өтүүчү жылаңач ж-а жабык уруктуу өсүмдүктөрдөн айырмаланат. Алар спора стадиясында катаал шарттардан сактанат.

СПОРАНГИЙ — өсүмдүктөрдүн бир клеткадан (жөнөкөй түзүлүштүү өсүмдүктөрдө) же көп клеткадан (татаал түзүлүштүү өсүмдүктөрдө) турган, ичинде *споралар* пайда болуучу органы.

СПОРОВИКТЕР (Sporozoa) — мите *жөнөкөйлөрдүн* классы. Алардын 2000дей түрү белгилүү. Кишинин ж-а айбанаттын дене көңдөйлөрүндө же ткандары м-н клеткаларында жашайт. С-дин негизги тиричилик этаптары — шизогония, гамогония ж-а спорогония. Шизогония эсепинин организминде мителердин көбөйүшүн, спорогония мителердин башка эсепке жугушун камсыз кылат. Айрым С-дин (көнчүлүк кокцидийлердин) эсеп бирөө, алар ооцистердин жардамы м-н таралат. Кээпинин эсеп — экөө (мис., безгек козгогучу — плазмодий). Алардын биринде жыныссыз, экинчисинде жыныстык көбөйүү ж-а спорогония өтөт. Мындай С. чымын-чиркей чыкканда (мис., безгек чиркейи кишини чакканда безгектин козгогучун жуктурат) же ээлери бири бирин жегенде бир эсепинен экинчисине өтөт (мис., кескелдирик кенени жегенде гемогрегарин жугат).

Ад.: Догель В. А., Зоология беспозвоночных, 6 изд., М., 1975.

СПОРОТРИХОЗ — адамдын ж-а жаныбарлардын *миксздор* тобундагы өнөкөт оорусу. Адамдын териси, тери астындагы клетчатка, кээде былжыр чел ж-а ички органдары жараланат. Оору козгогуч тери жарааты, дем алуу ж-а ичеги-карын аркылуу кирет да, организмге лимфа ж-а кан м-н тарайт. Адамдын колу-бутуна көптөгөн катуу жара чыгып, кийин-черээк жумшарып жарылат. Ички органдарда *сепсис* сымал өтөт. Диагноз бактериоскопиялык, гистологиялык ж-а терини аллергиялык текшерүү м-н коюлат. Дарылоо: иодду калий же натрий, антибиотиктер; анилин боёгу, ихтиол сыйпалат. Профилактика: травмадан кийин терини таза кармоо. Малдын С-унун козгогучу тери жарааты аркылуу кирет. Негизинен жылкы, качыр ылаңдайт. Териси, бези дарттанып, жара чыгат. Дарылоо: иоддуу ж-а сульфаниламиддүү препараттар.


Ад.: Машиллейсон Л. Н., Инфекционные и паразитарные болезни кожи, 2 изд., М., 1964.

СПОРОФИЛЛ *(споралар* ж-а гр. phýllon—жалбырак), споралуу жалбыракча — папоротник сымалдардын же уруктуу өсүмдүктөрдүн *спорангийи* өөрчүүчү жалбырагы. Суу папоротниктеринин микро-ж-а мегаспорангийлери бир эле С-дин спорокарпийлеринен пайда болот. Ар кыл споралуу өсүмдүктөрдүн С-инде жалаң гана микроспорангийи өөрчүсө — микроспорофилл, мегаспорангий өөрчүсө, мегаспорофилл деп аталат.

СПОРОФИТ — өөрчүү циклинде муун алмашылуучу өсүмдүктөрдүн жыныссыз мууну. С. зиготадан өөрчүйт. С-те спорангий калыптанып, анда споралар пайда болот. Жагымдуу шартта спорадан жыныстык түкүм — *гаметофит* өсүп чыгат. Гаметалардын кошулушунан зигота, зиготадан С. өсөт д. у. с. Өсүмдүктөрдүн өөрчүү циклинде С-тин эзелеген орду түрдүүчө. Жатыл ж-а күрөң балырлардын кай бирлеринде С. м-н гаметофит өз алдынча өсүп-өөрчүп, морфол. жактан анча айырмаланышпаса, мамык чөп сыяктууларда гаметофит үстөмдүк кылып, С. гаметофитте спорангий түрүндө болот. Уруктуу өсүмдүктөрдө гаметофиттери редукцияланган; чаңчалары — эркектик, түйүлдүк кабы— ургаачылык гаметофиттер.

СПОРТ (англ. disport — оюн, көңүл ачуу) — ар кандай дене тарбиялык көнүгүүлөр б-ча окуу-машыгууну ж-а мелдештерди уюштуруу ж-а өткөрүү системасы. С. адамдын дене соолугун чыңдоо, мелдеште жог. көрсөткүчкө ж-а жеңишке жетүү максатын көздөйт; физ-ранын негизги бөлүгү (к. *Дене тарбия)*. С-тун ар кандай түрлөрү *(ат спорту, жеңил атлетика* ж. б.), С. оюндары *(баскетбол, волейбол, хоккей* ж. б.), С. коомдору, комитеттери ж. б. бар.

СПОРТ АВТОМОБИЛИ — *автомобиль спорту* м-н машыгуу үчүн жасалган *жеңил автомобиль*. Эл аралык автомобиль федерациясынын классификациясы б-ча С. а. кыймылдаткычынын жумуш аткаруучу көлөмүнө (максимум көлөмү 6 *л*) карата 15 класска бөлүнөт. Анын минимум өздүк массасы 450—800 *кг*, ачык же жабык кузовдуу, 2 ж-а 4 орундуу болот. С. а-не жарылбас отун багы, өрт өчүргүч, кооспсуздук тасмасы ж. б. орнотулат. Ал автомобиль жолдо жүргүч ж-а атайын болуп айырмаланат.




Спорт автомобили (атайын): *1* — чанак (кузов) каркасы; *2*— кыймылдаткыч; *3*— радиатор; *4* — аба соргуч; *5* — руль башкаруу валы; *6*— отун багы; *7*— кыймыл бергич куту; *8* — тормоз барабаны; *9* — газ чыгаргыч түтүк.

СПОРТ БЕЛГИЛЕРИ ЖАНА СЫПЫЛЫКТАР — спорт бирикмелеринин, клубдарынын, спорт ышкыбоздорунун физ-ра ж-а спорттогу жетишкендиктери үчүн ыйгарылуучу эл аралык, улуттук спорт мелдештеринин ж. б-дын эмблемалары ж-а атайы белгилери. СССРде спорт наамын алгандарга төшкө тагылуучу белгилер (мис., «СССРдин спортко эмгек сиңирген мастери», «СССРдин эмгек сиңирген тренери», «Спорт боюнча ардактуу судья» ж. б.) берилет. 1947-жылдан Бирдиктүү бүткүл союздук спорт классификациясынын разряд нормаларын аткарган спортсмендер үчүн белгилер уюштурулган. Бүткүл союздук «СССРди коргоого жана эмгекке даяр» комплексинин 5 баскычынын биринчи аткаргандар үчүн 1-белги (1931-ж.; азыркысы 1972-ж. түзүлгөн. Ал ошондой эле «СССР альпинисти» (1934), «СССР туристи» ж-а «Жаш турист» (1957) белгилери бар.

Спорт сыйлыктарына — Олимпия оюндарынын, дүйнө, континент, өлкө-оюндарынын, дүйнө чемпионатынын медалдары, лөрдүн чемпионатынын медалдары, спорт мелдештеринде жеңишке ээ болгондор үчүн берилүүчү лавр веногу, өтмө приз (кубок), диплом ж. б. кирет. СССРде өлкөнүн чемпионатында рекордго жетишкендик үчүн, респ-канын чемпиондору ж-а рекордсмендерин сыйлоого респ-калык спорт комитетинин, коомунун, мекемелердин, о. эле эл аралык класстагы спорт мастерин даярдагандыгы, спорт б-ча пл. из. иштер үчүн СССР спорт комитетинин ж-а СССР олимпия комитетинин медалдары, грамота, диплом ж. б. белгиленген.

СПОРТ ДВОРЕЦИ В. И. Ленин атн. — ар кандай спорттук мелдештер, концерттик оюндар, салтанаттуу жыйындар, кеңешмелер өтүүчү жай. С. д. Кырг-н Компартиясы м-н Кыргыз респ-касынын 50 жылдыгына карата 1974-ж. Фрунзе ш-нда ачылып, юбилейлик чогулуш өткөн (чогулушка СССР Мин. Советинин Пред-ли А. Н. Косыгин катышкан). С. д-нин



Спорт дворецинин имараты.

чогулуш өткөрүлүч залы оюн-зооктордун өзгөчөлүгүнө жараша трансформацияланып, универсалдык мааниге ээ. О. эле спорт, оор атлетика залы ж-а бассейни бар. С. д. арх-расы б-ча кооз ж-а монументтүү курулуштарга кирет. Имаратты арх. А. Костин, В. Маруков, Е. Юргенсон, инженер К. Ильенко жерг. аба-ырайынын шартын эске алып, ийкемдүү (пластикалык) формада курган. С. д-нин кире беришине спортсмендердин сүрөтү түшүрүлгөн жез калкандар орнотулган.

СПОРТ ЗАЛЫ — көп м-н ойнолуучу спорт оюндары (*волейбол, баскетбол, теннис), гимнастика, бокс, күрөш* ж. б. б-ча машыгуу ж-а мелдештер өткөрүлүүчү жай. С. з. керектүү шаймандар, жабдуулар м-н камсыздалат. Универсалдуу С. з. спорттун көп түрүнө ыңгайлаштырылат. Өлчөмүнө жараша чоң, орт., кичине ж-а гим-

пастикалык, бокс өткөрүүчү зал ж. б. болуп бөлүнөт. Кырг-нда 582 С. з. бар (1977).

СПОРТ КУРУЛМАЛАРЫ — деп соолукту чыңдоо ж-а көнүгүүгө, спорт түрлөрү б-ча мелдештерди өткөрүүгө арналган атайын имараттар м-н курулуш комплекстери. Азыркы С. к-нын алгачкы түрү — античный палестра ж-а гимнасия, *стадион* ж. б.

С. к. кууру 19-к-дан башталган, 1828—30-ж. алгачкы жасалма бассейндер ж-а гимнастика залдары курулган. *Олимпиялык оюндардын* (1896) пайда болушу м-н С. к. өскөн. Азыркы С. к-нда спорттун 50дөн ашык түрү б-ча көнүгүүлөр, мелдештер өткөрүлөт. С. к-нын ачык ж-а жабык түрлөрү бар. Ачыгына спорт оюндары ж-а жеңил атлетика үчүн аянттар, каток, бассейндер, лыжа ж-а чана трассалары, трамплиндер, велотрек ж. б., жабыгына жабык стадиондор, спорт оюндары өтүүчү универсалдуу залдар, манеждер, каток, бассейн, теннис аянттары ж. б. кирет. 1960—70-жылдары жыл бою иштөөчү (жайында ачык, кышында жабык) имараттар, о. эле татаал комплекстер салынган. СССРде ири С. к.: С. М. Киров атн. 80 миң орундуу стадион (1950, Ленинград), В. И. Ленин атн. 103—105 миң орундуу борб. стадион (1956, Москва) ж. б. Кырг-нда 25 миң орундуу «Спартак» стадиону, спорттук аянттар, суу бассейндери, ипподром бар. 1974-ж. Фрунзеде В. И. Ленин атн. Спорт двореци ачылган.


Ад.: Кистяковский А. Ю., Проектирование спортивных сооружений, М., 1973; Резников Н. М., Комплексные спортивные сооружения, М., 1975.

СПОРТ МЕКТЕПТЕРИ — жог. чеберчиликтеги спортсмендерди даярдоочу адистештирилген окуу-тарбия мекемелери. СССРде 1975-ж. 4704 С. м. болгон. Алар 3 негизги типке бөлүнөт: жаш өспүрүмдөрдүн, жаш өспүрүмдөрдөн олимпиялык резерв даярдоочу ж-а спорттук жог. чеберчиликтин мектептери. С. м. негизинен спорттун бир нече түрүн камтыйт. Кырг-нда 82 (анын ичинен спорттун жог. чеберчилигинин 13) С. м. түзүлгөн (1979). Ал мектептерден СССРдин, Европанын, дүйнөнүн чемпиондору өсүп чыгышты.

СПОРТ МЕЛДЕШТЕРИ — эң мыкты спортсмендерди ж-а командаларды, спортто жог. жетишкендиктерди айкындоого, спорттук чеберчиликти арттыруу, о. эле физ-ра ж-а спортко үгүттөөго багытталган чаралар. С. м. бүткүл дүйн. (мис., *Олимпиялык оюндар, Универсиада,* Дүйн. чемпионат ж. б.), региондук (континенттик чемпионат, кубоктор, оюндар), улуттук ж. б. болуп бөлүнөт. С. м. программасына жараша комплекстүү (Олимпиялык оюндар, Спартакиада ж. б.), адистештирилген (спорттун жеке түрү б-ча) болот.

СПОРТ НААМДАРЫ — эл аралык, улуттук ж. б. атайын спорт мелдештеринде көрсөткөн жетишкендиктери ж-а спорт классификациясынын белгиленген нормативдерин ж-а талабын аткаргандыгы, пед. ж-а тренердик иштеги ийгилиги, спорт б-ча судья катары активдүү иштеги үчүн ыйгарылуучу наамдар. СССР спортунун эмг. сиң. мастери, СССРдин эмг. сиң. тренери, спорт б-ча ардактуу судья, бүткүл союздук категориядагы судья, СССР спортунун мастери, СССР спортунун эл аралык класстагы мастери, СССРдин гроссмейстери, о. эле союздаш респ-каларда улуттук спорттун түрлөрү б-ча, респ-кага эмг. сиң. тренер ж. б. наамдар берилет. Кырг-нда улуттук күрөш б-ча Кыргыз ССРинин спорт мастери деген наам белгиленген (1966).

СПОРТ САМОЛЕТУ авиац. машыгуу, мелдештерге катышуу, рекорддорду белгилөө ж. б-га арналат. С. с-нун



А. С. Яковлев конструкциялаган Як-50 спорт самолёту.

көчүлүгү — кубаттуулугу 100—200 *а. к.* келген кыймылдаткычтуу, биринчи ж-а экинчи салмак категориясындагы (500 *кгга* чейин ж-а 1000 *кг*га чейин) 1 же 2 орундуу самолёттор. Учуу ылдамдыгы 200—500 *км/с*, учуу алыстыгы 500—1000 *км*, көтөрүлүү бийиктк. 4000—6000 *м*. Жог. пилотаж б-ча өткөрүлүүчү чемпионаттар үчүн эң маневрдүү ж-а бекем пилотаж самолёту конструкцияланат. Ылдамдык, алыстык ж-а бийиктик б-ча рекорд белгилөө үчүн аскер ж-а гражд. самолёттордун ылайыктуу типтери пайдаланылат.

СПОРТТУК БИЛЕР музда — *коньки спортунун (фигуралык муз тебүүнүн)* түрү. Анда бийлерди музыканын коштоосу м-н түгөйлөр аткарат. Азыркы С. б. б-ча мелдештердин программасына 3 милдеттүү, о. эле оригиналдуу (өзгөчө) ж-а эркин бийлер кирет. Милдеттүү С. б.— 9 (вальс, квикстеп, блюз, румба ж. б.). Оригиналдуу бийлер милдеттүү бийлердин элементтеринен туруп, белгиленген ритмде аткарылат. Бийдин эркин программасын спортсмен өзү түзөт. Мелдештин жыйынтыгы 6-баллдык система м-н бааланат. С. б. б-ча дүйнө чемпионаты 1952-, Европаныкы 1954-, СССРде — 1964-жылдан өткөрүлөт. СССРде дүйнөнүн көп жолку чемпиондору — Л. А. *Пахомова* ж-а А. Г. Горшков (1970—74, 1976), И. В. Мосеева ж-а А. О. Миненковдордун (1975, 1977) ысмы белгилүү.

Ад.: Чайковская Е. А., Узоры русского танца, М., 1972; Рыжкин В. И., Ледовая сюита, М., 1975.

СПОРТТУК ГИМНАСТИКА — *гимнастиканын* бир түрү. Гимнастиканын башка түрлөрүнөн кыймыл координациясын жог. даражага чейин жеткирүүчү атайын көнүгүүлөрү м-н айырмаланат. С. г. б-ча *Олимпиялык оюндардын* ж-а дүйнөнүн көп жолку чемпиондорунан М. К. Гороховская, П. Г. Астахова, Т. И. Манина, Н. А. Кучинская, О. В. Корбут, Ю. Е. Титов, В. И. Муратов, Н. Е. Андрианов ж. б. белгилүү. С. г-нын тарыхында гимнастиканын көп түрү б-ча 5 киши — Л. С. Латынина, Л. И. Турищева, В. И. Чукарин, Б. А. Шахлин, В. Андрианов (СССР), В. Чаславска (ЧССР) дүйнөнүн ж-а Олимпиялык оюндардын чемпиону болушкан (1976). Кырг-нда С. г. м-н машыгуучулардын саны 2500дөн ашуун (1977). С. г. б-ча спорт мастерлери тарбияланып чыгууда.

Ад.: Гимнастика, под ред. А. Т. Брыкина, М., 1971.

СПОРТТУК МЕДИЦИНА— спортсмендердин, физкультурниктердин дене соолугун, өсүшүн, организмдин функциялык абалын аныктап, спортко байланыштуу ооруларды диагноздоо, алдын алуу ж-а дарылоо ишин жүргүзүүчү медицинанын тармагы. С. м. 20-к-дын башында пайда болгон. 1928-ж. С. м-нын Эл аралык федерациясы (ФИМС) түзүлгөн. СССРде С. м-ныи ил. уюштируу негиздерин Н. А. *Семашко*, В. В. Гореневский, Б. А. Ивановский, С. П. Летунов ж. б. түзгөн. 1946-ж. СССР С. м. федерациясы уюшулган. С. м. физ-ра, мед. ж-а пед. ин-ттардын дене тарбия ф-тетинин окуу планына өзүнчө сабак болуп кирет.

СПОРТТУК ЫКТЫЯРДУУ КООМДОР СССРде — физ-ра, спорт ж-а туризмди өөрчүтүү максатын көздөөчү эмгекчилердин ж-а окуучулардын ыктыярдуу массалык бирикмелери. 1975-ж. бүткүл союздук 7 («Буревестник», «Водник», «Динамо», «Зенит», «Локомотив», «Спартак», «Трудовые резервы»), респ-калык 30 (мис., РСФСРде «Труд», УССРде «Авангард», Кырг-нда «Алга», «Колхозчу», Каз-нда «Кайрат» ж. б.) С. ы. к. болгон.

СПОРТТУН БЕШ ТҮРҮ БОЮНЧА МЕЛДЕШ — азыркы замандагы — спорттогу комплекстүү мелдештер. Ага беш көнүгүү (тоскоолдордон аттан өтүү, *фехтование*, ок атуу, *суудa сүзүү, кросс)* кирет. Мындай комплекстүү мелдештер байыркы кезден эле (мис., Байыркы Грецияда Олимпиялык оюндарга пентатлон — чуркоо, узундуктан секирүү, найза ж-а диск ыргытуу, *күрөш* кирген) белгилүү. 19-к-дын 2-жарымында спорттун офицердик беш түрү пайда болуп, ал 1912-ж. *Олимпиялык оюндардын* программасына киргизилген. Дүйн. чемпионат 1949-жылдан өткөрүлөт. Спорттун бул түрү б-ча СССРде 1947-ж. 1-мелдеш өткөрүлүп, 1974-ж. 5 мицдей спортсмен машыккан. И. А. Новиков, К. П. Сальников, Э. С. Сдобников, Б. Г. Онищенко, П. С. Леднев дүйнөнүн чемпиону болушкан. Кырг-нда спорттун бул түрү б-ча мелдеш 1950-жылдан өнүгө баштады. А. Тарев жаштар арасында дүйнөнүн чемпиону (1977). Респ-канын курама командасы өлкөдө алдыңкы беш орунду эзелгидердин ичинде келе жатат. 1977-ж. респ-када 385 киши машыккан.

СПОРТТУН КӨП ТҮРҮ БОЮНЧА МЕЛДЕШ — спортсмен сөзсүз аткаруучу бир нече физ-ралык көнүгүүдөн турган спорт мелдеши. Ага спорт комплекстеринин ар кандай түрлөрү (*акробатика*, сууга секирүү, *жеңил атлетика*, парус ж-а *чана спорту, фигуралык муз тебүү, коньки спорту*, суу-лыжа спорту, *парашют спорту* ж. б.) кирет. Өзгөчө тобун аскерде колдонулуучу мелдештер (ок атуу спорту, граната ыргытуу, *суудa сүзүү, гимнастика, кросс, спорттун беш түрү боюнча мелдеш*, автомобилди фигуралык айдоо ж. б.) түзөт. Бул мелдештер СССР элдеринин, союздук респ-калардын ыктыярдуу спорт коомдорунун спартакиадаларынын программасына кирет. СССРде акыркы жылдары суу аскер-тех. спортунун түрлөрү ж-а ГТО (*«СССРди коргоого жана эмгекке даяр»*) комплексинин нормативи б-ча мелдештер өтүүдө. Фрунзелик спорт мастери Т. Курганова жеңил атлетиканын көп түрү б-ча Кырг-ндын, О. Авия рекорддорун белгилеген (1968—69).

СПОРТТУН КЫШКЫ ТҮРҮ — карда, муза өткөрүлүүчү спорт оюндары. Ага лыжада жүрүү, коньки тебүү, лыжада тоодон ылдам түшүү, трамплиндеп секирүү, топ же шайба м-н ойнолуучу хоккей, биатлон, чана тебүү, *фигуралык муз тебүү* кирет. СССР кышкы *Олимпиялык оюндарда* алган медалдарынын саны ж-а жалпы упайлар б-ча 1-орунду ээлеп келе жатат. Кырг-нда С. к. т. Чүй өрөөнүндө, Ысык-Көл, Нарын областтарында онүккөн. Чоң-Таш, Орто-Сай кышкы спорт базаларын куруу м-н лыжада тоодон ылдам түшүү кеңири өнүгө баштады. С. к. т. б-ча 1977-ж. Кырг-нда 5350дөй киши машыккан.

СПОРТ ШАЙМАНДАРЫ ЖАНА ЖАБДУУЛАРЫ — физ-ра ж-а спорт б-ча машыгуу үчүн *спорт федерациясы* бекиткен ж-а эл аралык жө улуттук уюмдар тарабынан катталган стандартка ылайык даярдалган буюмдар. Алардын негизгилери — кийим (форма), бут кийим, снаряддар (аппараттар), спорт курулмаларынын жабдуулары, мелдештерди тейлөө үчүн жабдуулар ж-а аппараттар. Мелдештерде ж-а машыгууларда пайдалануу үчүн атайын спорттук гигиенага, о. эле эстетикалык талаптарга жооп берген спорт кийимдеринин 200дөй, бут кийимдердин 60тан ашык түрү бар. Спорт шаймандарына төмөнкү буюмдар кирет: топтор, ракеткалар, клюшкалар; спорт куралдары,— сайлуу ж-а пневматикалык мылтыктар, пистолеттер, жаалар, шпагалар, рапиралар, кылычтар; жеңил атлетикалык найзалар, шыргыйлар ж. б.; оор атлетикалык штангалар, гиралар; гимнастикалык брусьялар, турниктер, алкактар, устундар ж. б. Спорт жабдуулары — түрдүү дарбазалар, торлор, ринг ж. б.

СПОРТ ФЕДЕРАЦИЯСЫ — физ-ра, дене тарбия ж-а спорт б-ча эл аралык ж-а улуттук уюмдар. СССРде спорттун түрлөрү б-ча коомдук бирикмелер 1923—24-ж. уюшула баштап, 30—50-жылдарда бүткүл союздук секциялар пайда болгон (алар 1959-ж. С. ф-на айланган). Бүткүл союздук С. ф-нын составына респ-калык С. ф-нын, спорт коомдорунун, мин-волордун, профсоюз м-н комсомол уюмдарынын өкүлдөрү, физ-ра ж-а спорт кызматкерлери, спортсмендер, спорт б-ча журналисттер ж. б. кирет. 1975-ж. СССРде бүткүл союздук 64 С. ф. болгон. Ал спорттун көп түрлөрү б-ча миңдеген спортсменди бириктирет. СССРдеги 54 С. ф.— Эл аралык спорт бирикмелеринин мүчөлөрү (1975). Кырг-нда 19 С. ф. бар (1977).

СПРАВКА-ИНФОРМАЦИЯ ФОНДУСУ (СИФ) — керек материалды издеп тапканга жол көрсөтүү справкалык аппараты бар, атайын бир тематикадагы информ. булактардын жыйнагы. СИФ керектөөчүлөр кандай маалыматка муктаж экенине жараша түзүлөт. Аның милдетине жарыяланган материалдарды да, жарыяланбаган документтерди да (отчёт, долбоор, рационализатордук сунуш ж. б.) жыйнап, иштеп чыгуу, сактоо, атайын бир тематикадагы информацияларды издөө, ишканаларды, уюмдарды ж-а жеке адистерди информ. булактар, факты, маалыматтар м-н камсыз кылуу кирет. СССРде СИФ — ил.-тех. информациянын жалпы мамл. системасынын тутумдаш бир бөлүгү. Ошон үчүн ал ил.-тех. информациянын бардык органдарында, ишканаларда, ил. из. ин-ттарында ж-а китепканаларда түзүлөт.

СПРАВКАЛЫК АДАБИЯТ — ар кандай мүнөздөгү маалыматтарды (ил., колдонмо ж. б.) алууга ылайыкташтырылган басма чыг-лары. С. а-та маалымат мүмкүн болушунча толук ж-а так берилип, абдан кыска, түшүнүктүү жазылып, тез табууга ыңгайлуу жайгашат. С. а-тын көбү справкалык макалалардан туруп, алардын мазмуну, көлөмү, формасы справочниктердин тибине ж-а түзүлүшүнө жараша болот. С. а. тармактык *справочник* ж-а универсалдык типтеги басылма, о. эле комплекстүү проблемалар же проблемалар циклин чагылдыруучу справочниктер деп бөлүнөт. СССРде С. а-тарга *энциклопедия*, энциклопедиялык сөздүктөр, лингв. ж-а терминологиялык сөздүктөр, жалпы справочниктер, ар кандай справка-лык-информ. ад-ттар кирет. С. а-тын кобойүшү ил. информ. системалардын өнүгүшүнө тыгыз байланыштуу. Эл аралык экон., ил. ж-а маданий байланыштардын кеңейиши м-н эл аралык справкалык басылмалар да көп чыгарыла баштады.

Ад.: Ревин А. И., Шмушкис Ю. Е., Гальминас В. А., Справочная литература, в кн.: 400 лет русского книгопечатания. 1564—1964, М., 1964; Яхимович Ю. К., Типология словарных изданий, в сб.: Книга. Исследования и материалы, сб. 25, М., 1972.

СПРАВОЧНИК — ил., өндүрүштүк жө колдонмо мүнөздөгү кыскача маалыматтарды тезирээк табууга ыңгайлуу тартипте (алфавиттик, системалык, хронологиялык ж. б.) түзүлгөн басылма. Мындай басылмалардын көбү жардамчы көрсөткүчтөр (алфавиттик, предметтик ж. б.) м-н жабдылат, к. *Справкалык адабият.*

СПРУТТАР— *осьминогдор* түркүмүндөгү ири *баш буттуу моллюскалардын* жалпы аты. Кээде С. деп дөө *кальмарлар* да аталат.

«СПУТНИК АГИТАТОРА» — ВКП(б) БК м-н ВКП(б) Москва комитетинин массалык коомдук-саясий журналы. 1923—47-ж. пропагандистер м-н агитаторлор, парт. ж-а комсомолдук активдер үчүн чыккан. 1930-жылга чейин бир айда эки жолу, кийин үч жолу жарык көргөн. Журналга СССРдеги саясий, маданий ж-а чарб. турмуш маселелери, эл аралык саясат, эл аралык жумушчу ж-а коммунисттик кыймыл ж-дө макалалар, обзорлор жарыяланган. 1956-жылдан *«Агитатор»* деген ат м-н чыгат.

СПУТНИК МЕТЕОРОЛОГИЯСЫ —метеорологиянын метеор. спутниктерге орнотулган аппараттардын жардамы м-н метеор. информацияны алуу ж-а аны пайдалануу методдорун иштеп чыгуучу бөлүгү. Телекөрсөткүч ж-а инфракызыл аппараттардын жардамы м-н Жердин сүрөттөлүшү алынат. Ал сүрөттөлүп булут катмарынын структурасын ж-а аның таралышының өзгөчөлүгүн изилдөөгө, жер бетинин же булуттун жог. чегинин темп-расын аныктоого мүмкүндүк берет. Булут катмарынын ири масштабдуу структурасын типтерге бөлүү ж-а алардын аба ырайын түзүүчү процесстер м-н байланышын аныктоо булуттуулукту талдоонун негизин түзөт. Спутниктен алынган Жердин сүрөтү кар м-н муз кыртышы ж-дө баалуу маалыматты берет. Спутниктеги *актинометр* м-н космос мейкиндигине Жер чагылдырган күн радиациясы ж-а Жердин өзүнүн жылуулук нурлануусу өлчөнөт. Бул жылуулуктун кириш-чыгышынын планеталык таралуу закон ченемин билдирет. Аның климаттын өзгөрмөлүүлүгүн изилдөө ж-а прогноздоо ишинде чоң мааниси бар. Азыркы кезде атм-раны термиялык режимдөө, суу буусунун ж-а

өзөндүн концентрациясынын вертикалдык профилин аныктоо, атм-радагы газ ж-а аэрозолдук компоненттерди ж-а кыртыштын нымдуулугун аралыктан тактоо методу иштелип чыкты.

Лит.: Кондратьев К. Я., Тимофеев Ю. М., Термическое зондирование атмосферы со спутников, Л., 1970; Минина Л. С., Практика нефанализа, Л., 1970; Кондратьев К. Я., Спутниковая метеорология, в кн.: Итоги науки и техники. Метеорология и климатология, т. 3. М., 1976.

СРЕТЕНКА, Ак-Кырчоо — Москва р-нундагы Сретенка айыл советине караштуу кыштак. «Россия» к-зунун аймагында. Райондун борбору ж-а т. ж. станциясы Беловодскийден 12 *км* түн. тарапта. Калкы 3102 (1979). Орто мектеп, клуб, китепкана, ооруканабар. 1905-ж. орношкон.

СССР (Союз Советских Социалистических Республик дегендин орусча кыскартылышы), к. *Советтик Социалисттик Республикалар Союзу.*

СССР АБА КОДЕКСИ — СССРдин аба мейкиндигин пайдалануруга байланыштуу ж-а гражд. авиациянын иш-аракетин, абада учуудагы коомдук карым-катнашты жөнгө салуучу системаланган укук нормаларынын бирдиктүү закон актысы. Кодекс 1961-жылы кабыл алынып, 1962-ж. 1-январдан күчүндө. Ал өз аймагындагы аба мейкиндигине СССР толук суверендүүлүгүн белгилейт, аба кемелерин каттоону ж-а эсепке алууну, алардын экипаждарынын укук ж-а милдеттерин, аэродром, аэропортторду уюштуруу, каттоо, иштетүү, аба кемелеринин СССРдин аба мейкиндигинде эл аралык учуу тартибин регламенттейт; эл аралык жүргүнчү ж-а жүк ташуусу, авиацияны эл чарбасында пайдалануусу ж. б. аныктайт.

СССР АРХИТЕКТОРЛОР СОЮЗУ (1932—55-ж. Советтик архитекторлор союзу) — архитекторлордун ыктыярдуу коомдук чыгармачыл уюму. ВКП(б) БКнын 1932-ж. 23-апрелдеги «Адабият жана көркөм өнөр уюмдарын кайра куруу жөнүндөгү» токтомуна ылайык 1932-ж. түзүлгөн. Союздун максаты: сов. арх-ранын деңгээлин көтөрүү, архитекторлордун профессиялык чеберчилигин, таланттын өстүрүп, коммунисттик идеялуулук үчүн күрөштө алардын демилгелерин ж-а новаторлугун колдоо. Союздун системасына респ-калык, автономия респ-калык, крайлык, обл. ж-а шаардык уюмдары кирет (к. *Кыргызстан архитекторлор союзу*). Жетекчи органы — Бүткүл союздук съезд (1937, 1955, 1961, 1965, 1970, 1975). Съезддер аралыгында Башкарма ж-а Секретариат иштейт. Союздун биринчи секретары 1963-жылдан Г. М. Орлов. 14 364 мүчөсү бар (1978). Башкармага Арх-ра фондусу карайт. Басма органы — «Архитектура СССР» журналы. СССР а. с. — Эл аралык архитекторлор союзунун мүчөсү. Ленин ордени м-н сыйланган. (1970).

СССР ГЕОГРАФИЯЛЫК КООМУ 1845-ж. 6(18)-августа Петербургда уюшулган. Окт. рев-ясына чейин 11 бөлүмү ж-а 1 миң мүчөсү болгон. 1976-ж. мүчөсү 30 миңге жеткен. Коомдун жог. органы — 5 жылда бир чакырылчу съезд. Съезддер аралыгында коомду съезд шайлаган Ил. совет ж-а президент башында турган анын Президиуму башкарат. Коом борб. уюмдан (Ленинград), союздаш респ-калардын 14 геогр. коомунан, 15 филиалдан (РСФСР) ж-а жүздөн ашык бөлүмдөн турат (1976). Ишинин негизги формасы: 1) ил. докладдарды талкуулоо; 2) ил. конф-яларды өткөрүү; 3) бүткүл союздук геогр. съезддерди чакыруу; 4) географиянын бардык маселелери б-ча экспертиза жүргүзүү ж-а консультация берүү; 5) геогр. билимдерди элге жайылтуу (1938-жылдан бери 3 млн-дой киши лекция окулган); 6) ил. жүрүштөрдү ж-а экспедицияларды уюштуруу; 7) СССРдин ыктыярдуу фенологиялык тармагын жетектөө; 8) геогр. ж-а тектеш илимдердин абалын, өнүгүшүн, милдеттерин аныктоо, илимге зор салым киргизген окумуштууларга ар 2—3 жылда атайын (геогр. коомдун Чоң алтын медалы. П. П. Семёнов-Тян-Шанский, Ф. П. Литке, Н. М. Пржевальский атн. алтын медалдар; С. И. Дежнёв атн. сыйл.) сыйлыктарды ыйгаруу; 9) «Известия» (1865-жылдан), «Записки» (1846), «Географические сборники» (1952), «Доклады отделений и комиссий» (1967), «Вопросы географии» (1946) ж. б. журналдарды, монографияларды, китепчелерди чыгаруу.

Лит.: Географическое общество за 125 лет, Л., 1970.

СССР ГРАЖДАНДАРЫНЫН НЕГИЗГИ УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ — СССР Конституциясында ж-а респ-калар м-н АССР конституцияларында сов. граждандардын бекитилген укук ж-а милдеттеринин закон түрүндөгү жыйындысы. Граждандардын негизги укуктарына төмөндөгүлөр кирет. Социалдык-экон. укуктары — эмгектенүүгө укуктуулук (саны ж-а сапатына жараша акы төлөнүүчү иш алууга); дем алууга укуктуулук (жумуш күнүнүн чектелиши, жума сайын дем алыш, жыл сайын отпуск алуу); карыганда, ооруп калганда, эмгекке жөндөмдүүлүгүн жоготкондо материалдык камсыздоо; билим алууга укуктуулук (бардык окуу жайында акысыз билим алуу); менчик, мурас укугу. Саясий укуктары ж-а демокр. эркиндиктери — сөз эркиндиги, басма сөз эркиндиги, чогулуш, митинг өткөрүү, кочодо салтанаттуу басуу, демонстрацияга чыгуу, коомдук уюмдарга, союздарга биригүү эркиндиктери, шайлоо укугу. Өздүк укук ж-а эркиндик — керт башына, турак жайына эч кимдин тийбестиги, кат алышып-бериштүүнүн жашырындуулугу, динге ишенүү же ишенбөө эркиндиги, айыпкердин коргонуу укугун камсыз кылуу. Бул укук ж-а эркиндиктер жынысына, улутуна, расасына карабастан СССР граждандарынын бардыгына берилген. СССР граждандарына чыныгы демокр. укук ж-а эркиндик берүү м-н сов. конституция маанилүү милдеттерди жүктөйт. Алар: Конституцияны так сактоо, калган бардык закондорду аткаруу, эмгекке акыл-эстүү мамиле кылып, эмгек тартибин сактоо, коомдук милдетке ак ниет болуу, соц. коомдун тартип эрежелерин урматтоо, соц. коомдук меничкти сактоо ж-а чыдоо. Соц. Ата Мекенди коргоо—сов. граждандардын ыйык милдети. Сов. граждандарга тагылган милдеттер—укуктук норма гана эмес, моралдык талабы. СССР г. п. у. ж. м-нин негизги өзгочөлүгү — алардын биримдүүлүгү, өз кызыкчылыгы м-н коом кызыкчылыгынын айкалышына негизделгендигинде.

СССРде АСКЕРГЕ МИЛДЕТТҮҮЛҮК — СССР Куралдуу Күчтөрүнүн запасында турган гражданин. Аскерге милдеттүүлөр жалпы аскерге милдеттүүлүк ж-дагу 1967-жылкы СССР закондорунда белгиленген мөөнөткө үйрөнүү. о. эле текшерүү жыйынына чакырылат. Ага чакырылгандар мамлекеттин эсебинен натуралай. акчалай ж. б. камсыз кылынат. Жыйынга чакырылгандардын иш орду ж-а айлык акысынын 75% сакталат. Мобилизация жарыяланганда аскерге милдеттүүлөр буйрукта, чакыруу кагазында же райондук (шаардык) аскер комиссарларынын приказында көрсөтүлгөн пункттарга өз маалында келүүгө тийиш. Чакыруу пунктуна белгиленген убакта келбегендер согуш абалындагы закондор б-ча жоопко тартылат.

СССРдеги ГИДРОМЕТЕОРОЛОГИЯЛЫК КЫЗМАТ (ГМК) — эл чарбасын метеорол., гидрологиялык ж-а агрометеорол. информация м-н камсыз кылуучу мамл. уюм. Бул үчүн гидрометеорол., аэрология, ракеталык зондоо станциялары ж-а посттордун кеңири тармагы, Жердин бир нече метеорол. жасалма жандоочусунан турган атайын космостук система түзүлгөн. Станция м-н посттордон алынган маалымат гидрометеорол. шарттар, а. ч. өсүмдүктөрүнүн абалы ж-дө ж-а гидрометеорол. прогноздун бардык түрүн түзүүдө колдонулат. ГМК СССРдин, чет өлкөлөрдүн аймактары дүйн. океандын акваториясы б-ча гидрометеорол. информацияны чогултат, анализдейт, жалпылайт ж-а жайылтат. ГМКнын милдетине аба ырайына, климатка гидрографиялык процесстерге активдүү таасир кылуу, аба, суу, дениз, океандын хим. составдарын изилдөө, метеорол., гидрология б-ча ил. изилдөөлөрдү координациялоо кирет. Бир нече ил. из. ин-ттары бар. ГМКнын ишине Гидрометеорология ж-а табигый чөйрөнү контролдоо б-ча СССР мамл. комитети жетекчилик кылат. Кырг-нда ГМКнын карамагына аба ырайы бюросу, гидрометеорол. обсерваториясы, гидрометбюро, байкоо жүргүзүүчү станция ж-а посттор кирет. Булардын ишин Гидрометеорология ж-а табигый чөйрөнү контролдоо б-ча респ-калык кыргыз башкармасы жетекчилик кылат.

Лит.: Метеорология и гидрология за 50 лет Советской власти. Сб., Л., 1967.

«СССРди КОРГООГО ЖАНА ЭМГЕККЕ ДАЯР» (ГТО)—мамл. дене тарбия системасынын негизин түзүүчү бүткүл союздук физ-ралык комплекс. Ал совет элинин дене соолугун чыңдоого, денени бардык жактан өстүрүүгө, аларды эмгекке ж-а мекенди коргоого даярдоого багытталган. Спорт секцияларынын ж-а жог. окуу жайлардын дене тарбия б-ча программаларынын негизин түзөт. Комплекске гимнастикалык көнүгүү, чуркоо, секирүү, диск ыргытуу, ядро түртүү, сүзүү, лыжада жүрүү, ок атуу ж. б. кирет. Бул комплекс 1931-ж. ВЛКСМдин демилгеси м-н түзүлгөн; 1932-ж. 2-баскычы, 1934-ж. «Эмгекке жана коргоого даяр бол!» (БГТО) баскычы кошумчаланган. 1-баскычы 16—18 жаштагыларга, 2-си чоң кишилерге, БГТО 14—15 жаштагы өспүрүмдөргө арналган. 1966-жылдан «Мекенди коргоого даяр!» комплексинин атайын баскычы киргизилген. Дене тарбиялоонун сов. системасынын талабына ылайык комплекске мезгил-мезгили м-н өзгөртүүлөр киргизилип турат.

СССРдин ВЕДОМСТВОЛУК АРБИТРАЖЫ — бир мин-вого баш ийген өндүрүш мекемелеринин, уюмдардын ортосундагы талаш-тартыш маселелерди чечүүчү уюм, к. *Арбитраж.*

СССРдин ЖАНА СОЮЗДУК РЕСПУБЛИКАЛАРДЫН ГРАЖДАНДЫК ЗАКОНДОРУНУН НЕГИЗДЕРИ — коммунисттик курулушта акча-товарды колдонууга байланыштуу мүлктүк ж-а апы м-н байланышпаган, мүлктүк эмес жекече карым-катнаштын негизги принциптерин белгилеген бүткүл союздук закон. Ал 1961-ж. 8-декабрда, 6-шайланган СССР Жог. Советинин 7-сессиясында кабыл алынып, 1962-жылдын 1-майынан күчүндө. Негиздер гражд. укук б-ча союздук ж-а респ-калык закондор үчүн милдеттүү жобону камтып, союздаш респ-калар закон чыгарууга база болот. Негиздерди жетекчиликке алып, союздаш респ-калар анда көрсөтүлгөн ж-а белгилебей калган мүлктүк, мүлккө байланышпаган жекече карым-катнашты жөнгө салуучу ГКны ж. б. гражд. закон актыларын кабыл алат. Негиздер кирип сөздөн, 8 бөлүмдөн турат. Союздаш респ-калар негиздерге ылайык респ-калык ГКны кабыл алган, к. *Кыргыз ССРинин граждандык кодекси.*

СССРдин ЖАНА СОЮЗДУК РЕСПУБЛИКАЛАРДЫН ГРАЖДАНДЫК ИШ ЖҮРГҮЗҮҮСҮНҮН НЕГИЗДЕРИ — сов. гражд. процесстин негизги жоболору; кыска, такталган жалпы союздук закон. Ал — союздаш респ-калардын гражд. процесс кодекстерин түзүүдө укуктук база. СССР Жог. Совети 1961-ж. декабрда кабыл алган. Негиздер 6 бөлүмдөн турат: жалпы жобо; гражд. процесстеги жактардын укуктары ж-а милдеттери; талаш-тартышты кароо тартиби; гражд. иш б-ча соттун чечимин аткаруу; чет элдиктердин ж-а граждандыгы жоктордун укуктары; эл аралык келишимдер ж-а макулдашуулар. Негиздер Совет бийлигинин мезгилиндеги демократизмдин, интернационализмдин өнүгүшүн, укук тартибин сактоону, эмгекке тарбиялоону, укук илиминин жетишкендиктерин, сот практикасын бекемдейт. Бул негиздер соц. закондуулукту ж-а укук тартибин чыңдоого, сов. граждандардын укугун, кызыкчылыгын коргоого, сот адилеттигин жүргүзүүдө граждандардын ролун кеңитүүгө багытталган.

СССРдин ЖАНА СОЮЗДУК РЕСПУБЛИКАЛАРДЫН УГОЛОВНЫЙ ИШ ЖҮРГҮЗҮҮСҮНҮН НЕГИЗДЕРИ — уголовный ишти козгоо, алдын ала тергөө жүргүзүү ж-а сотто кароо б-ча бардык союздаш респ-каларга бирдей тартип белгиленген бүткүл союздук закон. Бул негиздерди 1958-ж. 25-декабрда СССР Жог. Совети бекиткен. Ал 6 бөлүмдөн турат: 1) жалпы жобо, 2) уголовный процесске катышуучулардын укуктары ж-а милдеттери, 3) алгачкы (дознание) ж-а алдын ала тергөө органдары, алардын милдеттери, 4) биринчи инстанциядагы сотто иш жүргүзүү маселелеринин регламенттери, 5) кассация, көзөмөлдөө маселелери, 6) иштин аткарылышы ж. б. Бул негиздерге ылайык бардык союздаш респ-каларда УПК кабыл алынган, к. *Кыргыз ССР уголовный-процесс кодекси.*

СССРдин ПРОКУРАТУРАСЫ — сов. закондорду контролдоо ж-а көзөмөлдөө милдеттери жүктөлгөн органдар системасы. Сов. прокуратура (мамл. прокуратура) 1922-ж. 28-майда ББАКтын токтому б-ча түзүлгөн. Ага бүткүл сов. респ-калардын федерациясы үчүн закондуулук бирдей болууга тийиш деген лениндик принцип негиз болгон. 1933-жылга чейин прокуратура респ-калык юстиция комиссариаттарынын составына кирген. СССРдин П-н СССР Жог. Совети 7 жылга дайындаган Ген. прокурор башкарат. СССРдин П-ныи түзүлүш тартибин СССР Жог. Советинин Президиуму бекитет. СССР ж-а союздук респ-калар прокуратурасында коллегия уюштурулган. 1979-ж. 30-ноябрда «СССРдин Прокуратурасы жөнүндө закон» кабыл алынган, к. *Закондуулук.*

СССРдин УЧКУЧ-КОСМОНАВТЫ — «Восток» кеме-спутниги м-н адамдын дүйнөдө биринчи жолу космоско учкандыгын (1961, 12-апр.) салтанат м-н белгилөө максатында СССР Жог. Советинин Президиумунун 1961-ж. 14-апрелдеги Указы м-н түзүлгөн наам. Бул наам космоско учууда эң зор эрдик көрсөткөн космонавтка ыйгарылат. Ага эң биринчи Ю. А. *Гагарин* татыктуу болгон. 1979-жылдын 15-апрелине чейин сов. 47 ж-а соц. өлкөлөрдүн 4 гражданына СССРдин У.-К. наамы берилген, к. *Космонавт.*

СССРдин 50 ЖЫЛДЫГЫ АТЫНДАГЫ КОЛХОЗ — Ысык-Көл обл-нын Түп р-нундагы дыйканчылыгы ж-а мал чарбасы өнүккөн ири чарба. 1930-ж. уюшулган. Чарба дан эгинин ж-а кыргыз уяң жүндүү коюн өстүрүүгө адистешкен. А. ч-га жарактуу 29463 *га* жеринин 9103*у* айдоо. Чарбада 5570 уй, 33 миң кой (1977) асыралууда. 9-беш жылдыкта мамлекетке а. ч. азыктүлүгүн өндүрүү б-ча ири ийгиликтерге жетишип, мамлекетке жылына орт. 4203 *т* дан, 596 *т* жашылча, 1669 *т* эт, 3429 *т* сүт, 176 *т* жүн тапшырган. 1976-ж. чарбанын дүң продукциясынын суммасы 8871,4 миң сомду түзүп, 2712, 2 миң сом пакта киреше алган. Өндүрүштүн рентабелдүүлүгү 63,2%. Чарбага Соц. Эмг. Баатыры Н. Я. *Приставкин* жетекчилик кылат. Колхоз бүткүл союздук ж-а респ-калык соц. мелдештин бир нече өтмө Кызыл Туусун жеңип алган. СССР ж-а Кыргыз ССР эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн туруктуу катышуучусу. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган (1976).

СССРдин 50 ЖЫЛДЫГЫ АТЫНДАГЫ СОВХОЗ — Нарын обл-нын Ат-Башы р-нундагы мал чарбасы өнүккөн ири чарба. Совхоз 1960-ж. (мурдагы «Ача-Кайыңды») уюшулган, негизги багыты — уяң жүндүү кой чарбачылыгы. 157 миң *га* жалпы жер аянтынын 114,5 миңи а. ч-га жарактуу, 4143*у* айдоо. Мал чарба фермаларында 2830 уй, 67,1 миң кой, 1476 жылкы (1977) бар. Чарба жылына мал чарба азык-түлүгүн өндүрүү ж-а сатуу б-ча планды ж-а соц. милдеттенмелерди аткарып келет. 9-беш жылдыкта мамлекетке эт тапшыруу планы 116, сүт 102, жүн 115% аткарылган. Совхоз 1976-ж. 1777,6 миң сом пайда алган. Чарбанын рентабелдүүлүгү 92,3%. Чарбада Соц. Эмг. Баатырлары *Курманбеков* Жумабек, *Мамбетакунов* Орозакун эмгектенет. КПСС БКнын, СССР Жог. Советинин Президиумунун, СССР Мин. Советинин ж-а ВЦСПСтин лениндик юбилейлик Ардак грамотасы м-н сыйланган.

СССРдин 50 ЖЫЛДЫГЫ АТЫНДАГЫ ҮРӨН ЧАРБАСЫ — Сокулук р-нундагы дыйканчылык б-ча Кырг-ın пл. из. биримсесинe карaштуу дан эгин үрөнүн өстүрүүчү ири чарба. Чарба (мурдагы «Жаңы-Пахта») 1931-ж. уюшулган. 20,5 миң *га* жалпы жер аянтынын 13 миңи айдоо. Чарбада 5800 уй, 5700 чочко, 6345 кой (1977) асыралууда. 240 трактор, 130 автомобиль, 100дөй комбайн бар. Ал республиканын чарбаларына кант кызылчасы м-н дан эгиндеринин сапаттуу үрөнүн сатат. 9-беш жылдыкта пландан тышкары мамлекетке 12,2 миң *ц* дан, 11,1 миң *ц* сүт, 2150 *ц* эт, 229,2 миң *ц* кант кызылчасы ж-а 1467 *ц* жашылча

сатылган. Кант кызылчасынын түшүмү гектарынан 480,7 *ц*ден 646 *ц*ге жеткен. Чарба 1976-ж. ар шектен 4137 *кг* сүт саап, жалпысынан 2222,1 миң сом пайда алган. Чарбанын коллективи — СССР ж-а Кыргыз ССР эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөлөрүнүн туруктуу катышуучусу. «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган (1971).

СССРди ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨГҮ ДЕКЛАРАЦИЯ — СССРдин көп улуттуу мамлекет болуп куралышынын конституциялык негизин түзгөн тарыхый документ. Анда сов. респ-калардын бирдиктүү союздук мамлекетке бириншинин зарыл себептери (1-дүйн. ж-а Гражд. согушта бүлүнгөн эл чарбасын калыбына келтирүү, экономиканы соц. кайра куруу, капит. курчоонун шартында сов. респ-калардын тышкы коопсуздугун камсыз кылуу ж. б.) көрсөтүлгөн. Декларацияда СССРге элдердин өз эркн м-н бириги-шин, ар бир сов. респ-канын Союздан эркин чыгуу укугу сакталышы белгиленген. 1922-ж. 30-декабрда Декларация СССРдин түзүлүшү ж-дегу Келишим м-н бирге *СССР Советтеринин 1-съездинде* кабыл алынган. 1924-ж. СССР Конституциясынын 1-болүгү катары кирген.

Ад.: История Советской Конституции, Сб. док., 1917—1957, М., 1957.

СССР ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУ— «...чыгармачылык эмгеги менен коммунизмди куруу, социалдык прогресс, элдердин ортосундагы тынчтык жана достук үчүн болгон күрөшкө катышкан Сов. Союзунун профессионал ад-тчыларын биригтирген ыктыярдуу коомдук чыгармачылык уюм» (СССР ж. с-нун уставынан). СССР ж. с. түзүлгөнгө чейин жазуучулар РААП, ЛЕФ, «Перевал» («Ашуу») сыяктуу топторго кирикшкен. СССР ж. с-нун түзүлүшүнө ВКП(б) БК 1932-ж. 23-апрелде кабыл алган токтом негиз болгон. Анда мындай деп айтылат: «...Совет бийлигинин платформасын колдогон, социалисттик курулушка катышууга умтулган бардык жазуучулар коммунисттик фракциядагы бирдиктүү жазуучулар союзуна биригтирилсин» (О партийной и советской печати. Сб. документов, М., 1954, с. 431). Сов. жазуучулардын 1-съезди (1934, авг.) СССР ж. с-нун уставын бекитип, совет ад-тынын негизги методуна — *социалисттик реализмге* аныктама берген.

1934-ж. СССР ж. с-нда 2500 жазуучу болсо, азыр (1978, 1-янв.) 76 тилде жазган 8152 жазуучу бар. Союздун жог. органы — Жазуучулардын бүткүл союздук съезди (1934, 1954, 1959, 1967, 1971, 1976) башкарманы шайлайт. Башкарманы 1934—36-ж. М. Горький башкарган. Кийин башкармага ар кайсы мезгилдерде В. П. Ставский, А. А. Фадеев, А. А. Сурков, 1971—77-ж. К. А. Федин пред-ль болгон. Союздун 1-секретары—1971-жылдан Г. М. Марков. Башкармада союздаш респ-калардын ад-ты, сын, очерк, публицистика ж. б. тармактар б-ча советтер иштейт. Союздун системасында СССР элдеринин 14 тилинде 15 адабий газета, 45 тилинде 86 коомдук-саясий, көркөм журнал чыгарылып турат. «Литературная газета», «Новый мир», «Знамя» ж. б. газета-журналдар чет тилдерде да чыгат. Союзга «Советский писатель» басмасы, М. Горький атн. Ад-т ин-ту, СССРдин ад-т фондусу ж. б. уюмдар карайт. СССР ж. с. жазуучуларды жог. көркөм-идеялуу чыг-лар жазууга үндөп, чыг-лык командировка, талкуу ж-а семинар уюштурат; чет өлкөлөр м-н адабий чыг-лык байланыштарды бекемдейт. Союз Ленин ордени м-н сыйланган (1967). Кыргызстандык 153 жазуучу СССР ж. с-на мүчө (1979, февр.).

СССР ЖЕР ФОНДУСУ — СССРдин мамл. чек арасынын ичиндеги бардык жер. Бул СССР Конституциясына ылайык мамлекеттин менчиги ж-а жалпы элдик кенч болуп эсептелет. Бүткүл жер мамл. бирдиктүү жер фондусун түзөт. Жер колхоздорго, совхоздорго, мамл. ж-а кооперация, транспорт ишканаларына, коомдук уюмдарга, мекемелерге ж-а СССР гражданларына пайдаланууга акысыз берилет. Жалпы жер аянты ж-а а. ч-га жарактуу жер аянты б-ча СССР дүйнөдө 1-орунда. Совет бийлиги орногондон бери айдоо аянты 70 млн *га*дан көбүрөөк, сугат жер 2,5, жараксыз сазды кургатуу 3,8 эсеге өстү. Жер фондусу пайдалануу багытына ылайык бөлүнөт: 1) а. ч. максаты үчүн колхоз, совхоздорго ж. б-га пайдалануага берилүүчү жер; 2) шаар, ш. т. посёлканын жери; 3) ө. ж., транспорт, курорт, корук, а. ч-да пайдаланылбаган жер; 4) мамл. токой фондусунун жери; 5) мамл. суу фондусунун жери; 6) мамл. запас жер. СССРдин жер аянты 2227,5 млн *га*, Кыргыз ССРинин мамл. жер фондусу 198,5 миң *км*^{2}.

Ад.: Основы Земельного законодательства Союза ССР и союзных республик, М., 1969.

СССР ЖОГОРКУ СОВЕТИ — СССРде мамл. бийликтин жог. органы ж-а СССРдин закон чыгаруучу бирден бир органы. Аны жалпы, тең, түз, жашырын добуш берүү м-н граждандар 5 жылдык мөөнөткө шайлайт. СССР Ж. С. Конституция б-ча СССРге берилген укуктарды жүзөгө ашырат. Союздун бирдиктүү мамл. бюджетин бекитет, согуш ж-а тынчтык маселелерин чечет, СССР Конституциясын колдонулуну контролдойт, ага өзгөртүүлөр киргизет, союздаш респ-калардын составында жаңы АССРдин түзүлүшүн бекитет, СССРдин компетенциясына кирген маселелер б-ча закон кабыл алат, СССР Ж. С-нин Президиумун шайлайт, СССР Мин. Советин түзөт, СССР Жог. Сотун шайлайт, СССР Геп. прокурорун дайындайт. Бул органдар СССР Ж. С-не отчёт берет ж-а ага жоопкер. СССР Ж. С. эки палатадан турат: Союздар Совети улутуна карабастан бардык СССР эмгекчилеринин, Улуттар Совети улуттук өзгөчөлүгүнө байланыштуу СССР элдеринин кызыкчылыгын көздөйт. СССР Ж. С-нин эки палаталуулугу 3 принципке негизделген: эки палатанын тең, бирдей демокр. тартипте түзүлүшү, палаталардын тең укуктуулугу, экинчи палатанын түзүлүшүнүн улуттук принциби. Союздаш респ-ка, АССР Ж. С. бар. Алар СССР Ж. С-ндей демокр. негизде түзүлүп, иш аткарат, өздөрүнө берилген укуктардан пайдаланат. Алар СССР Ж. С-нен айырмаланып, бир палаталуу.

СССР ЖОГОРКУ СОВЕТИНИН ПРЕЗИДИУМУ — СССРде мамл. бийликтин жог. органы. Аны СССР Жог. Советинин эки палатасынын биргелешкен заседаниеси ар бир чакырылыштын биринчи сессиясында депутаттардан Жог. Советтин полномочиелик мөөнөтүнө шайлайт. СССР Ж. С. П. Пред-лден, биринчи ж-а 15 орун басардан (ар бир респ-кадан бирден), секретардан, 21 мүчөдөн турат. СССР Жог. Советине баш иет. СССР Ж. С. П. указ чыгарат; СССР закондорун түшүндүрөт; СССР Конституциясына ылайык СССР Жог. Советин таркатып, жаңы шайлоо белгилейт; өз демилгеси же союздаш респ-калардын биринин талабы б-ча бүткүл элдик суроо (референдум) жүргүзөт; законго ылайык келбеген СССР Мин. Советинин ж-а союздаш респ-калардын Мин. Советинин токтомдорун, буйруктарын жокко чыгарат; СССР Мин. Советинин Пред-линин сунушу б-ча (СССР Жог. Советинин сессияларынын аралыгында) министрлерди дайындайт, иштен алат (аны СССР Жог. Совети бекитет); СССР ордендерин ж-а медалдарын белгилеп, аны м-н сыйлайт; СССР ардак наамдарын белгилеп, ыйгарат; помилование (кечирим) берет; СССР Куралдуу Күчтөрүнүн жог. командованиесин дайындайт, иштен алат; аскер наамын, дипл. рангды белгилейт ж. б. Сов. гражданднкка кабыл алуу, сов. гражданднктан ажыратуу же андан ыктыярдуу чыгып кетүү маселелерин чечет. Союздаш ж-а автономия респ-калардын Жог. Советинин Президиуму бар. Алардын функциялары оз Конституцияларында аныкталган.

СССР ЖОГОРКУ СОТУ (ЖС) — СССРде эң жог. сот органы. СССР ЖСти СССР Жог. Совети 5 жылдык мөөнөткө шайлайт. Ал СССР Жог. Советине, сессиялар аралыгында аны Президиумуна баш иет. СССР ЖС пред-лден, анын орун басарларынан, мүчөлөрүнөн ж-а эл заседателдеринен турат. Союздаш респ-калардагы ЖСтин пред-лдери —кызматы б-ча СССР ЖСтин мүчөсү. ЖСтин санын аны шайлоо мезгилинде СССР Жог. Совети аныктайт. СССР ЖС СССРдин, союздаш респ-калардын сот органдарынын ишин көзөмөлдөп, закон чыгаруу укугуна ээ. Ал пленум, уголовный, гражд., аскер коллегиясынан турат. СССР ЖСтин пленуму 3 айда бир

өтүп, ага СССРдин Ген. прокурору катышат. СССР ЖСтин алдында ил. консультация совети иштейт. Басма соз органы — «Бюллетень Верховного суда СССР» (1943—54-ж. «Судебная практика Верховного суда СССР»). Бардык союздаш респ-каларда ж-а АССРлерде ЖС бар. «СССР Жогорку Соту жөнүндө закон» 1979-ж. 30-ноябрда кабыл алынган.

СССР ЖУРНАЛИСТТЕР СОЮЗУ — мезгилдүү басма сөздө, телекөрсөтүүдө, радиодо, информ. агентстводо, басмада иштеген сов. профессионал кызматкерлердин ыктыярдуу, чыгармачыл коомдук уюму. 1959-ж. уюшулган. Башкы максаты — журналисттердин коммунисттик курулушка белсене катышуусуна мүмкүндүк түзүү, идеялык-теориялык камылгасын, профессиялык чеберчилигинин жогорулатына жардам берүү. Союзга басма сөздө, радиодо, телекөрсөтүүдө, информ. агентстволордо, басмаларда кемиде үч жыл иштеп, жог. профессиялык чеберчилиги м-н таанылган журналисттер, фотокабарчылар, художниктер, редакторлор мүчө боло алат. Союздун 63 миңден ашык мүчөсү бар (1977). Союздун жог. башкаруучу органы — беш жылда бир чакырылчу Бүткүл союздук съезд. Съезд аралыгында союздун ишине — Башкарма, чыгармачыл ж-а уюштуруу ишине секретариат жетекчилик кылат.

Уюмдаштыруу жагынан союз аймактык-өндүрүштүк принцип б-ча уюшулат: редакцияларда бантпанкы журналисттик уюмдар, крайлар м-н областтарда — крайлык, обл. уюмдар, союздаш (к. *Кырвызстан журналисттер союзу*) ж-а автономия респ-каларда респ-калык союздар түзүлөт. СССР ж. с-нун журналисттик иштеги жог. ийгиликтер үчүн берилчү атайын сыйлыгы бар.

СССР ж. с.— Журналисттердин эл аралык уюмуна мүчө. Союз «*За рубежом*» аттуу жумалык газета, «*Журналист*», «Советское фото», «Информационный вестник» деген журналдар чыгарат. Кырг-дан 827 адам СССР ж. с-на мүчө (1979).

СССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ (СССР ИА) — өз мүчөсү катары өлкөнүн өтө көрүнүктүү илимпоздорун биригтирген СССРдеги жог. ил. мекеме. Аның составына анык мүчөлөр (академиктер), корр. мүчөлөр, о. эле чет элдик мүчөлөр кирет. СССР ИАнын негизги милдеттери: табият таануу ж-а коомдук илимдер тармактарында фундаменталдуу изилдөөлөрдү өнүктүрүү; өндүрүштү өнүктүрүүгө тикеден-тике байланыштуу перспективалуу ил. изилдөөлөрдү жүргүзүү; тех. прогрессти принциптүү жаңы мүмкүндүктөрүн ачуу ж-а илимдин жетишкендиктерин СССРдеги коммунисттик курулуштун практикасында толук пайдаланууусуна көмөктөшүү. СССР ИА табият таануу ж-а коомдук илимдер б-ча өлкөдө, союздаш респ-калардын ИАларында, башка ил. мекемелерде, о. эле жог. окуу жайларында жүргүзүлүүчү олуттуу изилдөөлөрдө ил. жетекчилик кылат. СССР ИА СССР Мин. Советине тике баш иет.

СССР ИАнын бардык башкаруу органдары шайланын түзүлөт. Жог. органы — академиктер м-н корр. мүчөлөрдүн жалпы чогулушу. Ал өлкөдө илимди өнүктүрүү маселелерин талкуулайт, академиянын ишинин негизги уюмдаштыруу маселелерин чечет, анын анык мүчөлөрүн, корр. мүчөлөрүн ж-а чет элдик мүчөлөрүн шайлайт. Жалпы жыйналыштын сессиялары аралыгында академиянын Президиум ишин башкаруу үчүн 4 жылда бир шайлайт, ИАнын карамагында ил. ж-а ил.-уюмдаштыруу борбору болуп эсептелген бөлүмдөр бар. Академиянын бөлүмдөрү м-н ил. мекемелеринин ишин СССР ИАнын Президиумунун 4 секциясы жетектейт. Ал белгилүү илим тармагы б-ча майда бөлүмдөрдү биригтирет.

Физика-тех. ж-а матем. илимдер секциясы математика, жалпы физика, астр-я, ядро физикасы, энергетиканын физика-тех. проблемалары, механика ж-а башкаруу процесстери бөлүмдөрүн камтыйт. Химия-технол. ж-а биол. илимдер секциясында жалпы ж-а тех. химия, физ.-химия, орг. эмес материалдардын технологиясы, биохимия, биофизика ж-а физиол. активдүү кошулмалар химиясы, физиология, жалпы биология бөлүмдөрү бар. Жер тууралуу илимдер секциясы геология, геофизика ж-а геохимия, океанология, атм-ра физикасы, география бөлүмдөрүн биригтирет. Коомдук илимдер секциясы тарых, философия ж-а укук, экономика, тил ж-а ад-т бөлүмдөрүн камтыйт.

Академиянын Сибирь м-н Ы. Чыгыштын ил. мекемелеринде иштеп жаткан мүчөлөрүн биригтирген анын Сибирь бөлүмү бар. Академиянын ар бир бөлүмүнүн жалпы жыйналышы бөлүм бюросун, ал эми Сибирь бөлүмү — Сибирь бөлүмүнүн Президиумун ар бир 4 жылга шайлайт. Урал м-н Ы. Чыгыш аймагында ИА мекемелеринин базасында ИАнын Урал ж-а Ы. Чыгыш ил. борборлору уюшулган. РСФСРдин бир катар крайларында, автоном. респ-каларында, областтарында СССР ИАнын ил. из. ин-ттары м-н башка ил. мекемелерин биригтирген филиалдары бар.

Академиянын ил. из. жумуштары ин-ттарда, обсерваторияларда ж. б. ил. мекемелерде жүргүзүлөт. СССР ИАда 246 ил. мекеме (1978-ж. башында) ж-а 4 китепкана борбору бар. Академиянын составы илимдин жаңыдан пайда болуп жаткан багыттары м-н толукталууда. СССР ИАда 1979-ж. 258 академик, 560 корр. мүчө (Кырг-дан К. К. *Каракеев*, 1968), 82 чет элдик мүчө болгон, ил. мекемелеринде 41836 ил. кызматкер иштеген. СССР ИА ил. кадрларды даярдоону пландуу жүргүзүү максатында анын ил. мекемелеринде аспирантуралар бар. СССР ИАнын Президиумунун секциялары м-н болүмдөрүнө каратуу ил.-консультациялык орган катары табият таануу ж-а коомдук илимдердин олуттуу проблемалары б-ча 200дөн ашуун ил. советтер түзүлгөн.

СССР ИАнын «Наука» басмасынан 1978-ж. 2 миңден ашык китеп м-н 150дөн ашык түрдүү журнал чыккан. Журналдардын редакциялары тийиштүү бөлүмдөр м-н ин-ттардын алдында, ал эми академиянын «Вестник Академии наук СССР», «Природа», «Космические исследования» журналдарынын редакциялары академиянын Президиумунун алдында түзүлгөн.

СССР ИА чет элдик ж-а эл аралык ил. уюмдар м-н кеңири байланыш түзүүдө. СССР ИАнын мүчөлөрүнүн көбү башкаруу органдарына шайланган. Академиянын ж-а анын бөлүмдөрүнүн алдында бир катар сов. улуттук ил. ассоциация түзүлгөн. СССР ИА эл аралык ири ил. ин-чараларга катышып, илимдин жетишкендиктерин байытуу ж-а жайылтуу б-ча зор иштерди жүргүзөт. Академиянын алдында бир нече ил. коом бар. Эң көрүнүктүү ил. эмгектери м-н жаңылык ачкан илимпоздорго ИАнын көрүнүктүү илимпоздорунун атындагы алтын медалдар ж-а сыйлыктар берилет. СССР ИАнын эң жог. сыйлыгы— М. В. *Ломоносов* атн. медаль, жыл сайын табият таануу ж-а коомдук илим жаатындагы көрүнүктүү эмгектери үчүн бир сов. ж-а бир чет элдик илимпозго берилет.

ТАРЫХЫ. 1724-ж. 28-январда (8-февр). Пётр Iнин демилгеси м-н Петербургда Илимдер академиясынын негизи түзүлүп, 1725-жылдын аягында ачылган. Алгачкысы Илим ж-а көркөм өнөр академиясы, 1803-жылдан Император ИА, 1836-жылдан Императордук Санкт-Петербург ИА, 1917-жылдын февралынан 1925-жылга чейин Россия ИА, 1925-ж. июлдан СССР ИА аталат. Түзүлгөндөн кийинки алгачкы мезгилдерде анын карамагында чакырылык келтирилген чет элдик илимпоздор көп болгон. 1742-ж. академияга улуу орус илимпозу М. В. Ломоносов мүчө болуп шайланган. 18-к-да ИАнын ишн негизинен бир жагынан, математика ж-а табият таануу илимдери жаатында, экинчи жагынан, Россиянын табигый байлыктарын, географиясын ж-а элинин составын изилдөө багытында байыган. Бир катар ил. экспедиция, анын ичинде чоң Сибирь экспедициясы (1732) жүргүзүлгөн. 19-к-да ИАнын Пулков обсерваториясы (1839), бир нече лабор-я, Минералогия, Азия ж. б. музейлер ачылган. 1841-ж. физика-матем. илимдери, орус тили м-н ад-ты, тарых-филол. илимдер болүмдөрү түзүлгөн. 19-к-да Россия ИАга П. Л. Чебышев, М. В. Остроградский, Б. В. Петров, А. М. Бутлеров, Н. Н.

Бекетов, И. П. Павлов сыяктуу көрүнүктүү илимпоздор кирген.

Улуу Окт. соц. рев-ясына чейин академиянын конучулук ил. мекемелеринин материалдык базасы төмөн болгон. Падыша өкмөтү ИАнын башкаруу органдарына ак соктордон шайлаган. Академия 1917-ж. Февраль рев-ясынан кийин гана президентти өзү шайлоо укугун алган.

Улуу Окт. соц. рев-ясы ИА ичинде жаңы доор ачты. Коммунисттик партия м-н Совет өкмөтү илимдин соц. курулуштагы ролуна зор маани берип, ил. изилдөөлөрдүн кеңейишине дайыма камкордук кылып. ИАнын ишине багыт берип турат. СССР БАК ж-а ЭКСтин 1925-жылдагы токтому м-н СССР ИА бүткүл союздук жог. ил. мекеме болуп калды.

СССР ИА соц. курулуш мезгилинде оркүндөп өнүктү. 1927-ж. июнда СССР ИАнын жаңы уставы бекиген. 1928-ж. анын карамагында 9 ин-т болсо, 1934-ж. 25ке жеткен. 30-жылдардын 2-жарымында ага коомдук илимдер багытындагы ин-ттар, анын ичинде экономика, философия ж-а укук ин-ттары кирген. 30-жылдарда союздаш респ-каларда, областтарда ИАнын филиалдары м-н ил. из. базалары уюштурула баштаган. Алгачкы филиалдар Урал, Закавказье ж-а Ы. Чыгышта ачылып, ил. кадрларды даярдоо иши жакшырган. 1920-ж. ИАда аспирантуранын уюштурулушу соц. курулушта илим м-н практиканын байланышынын чыңалышына комок болгон. 1931-жылдан ИАнын ил. из. жумуштарында пландаштыруу колго алынып, 1933-ж. тикеден тике СССР ЭКСине баш ийген. 1934-ж. СССР ЭКСи ИАны Ленинграддан Москвага көчүрүү тууралуу токтом кабыл алган. 1936-ж. Коммунисттик академия ИАнын карамагына кирген. 1938-ж. негизги илимдер б-ча 8 бөлүм уюштурулган. ИАнын Улуу Ата Мек. согуш жылдарындагы ил. изилдөөлөрү душманды жеңүүдө чоң көмөкчү болгон. Согуштан кийинки кыйынчылыктарга карабастан техниканы алмаштыруу ж-а жаңы сырьё ресурстарын табууга байланыштуу изилдөө иштери күчөгөн. ИАнын бир катар жаңы ин-ттары уюштурулуп, союздаш респ-каларда ИАлар түзүлгөн. Согуштан кийинки жылдары ИА мекемелери андан ары кеңиген. 1957-ж. ИАнын Сибирь бөлүмү уюштурулган. Ил. из. иштери канат жайып, табият таанууга б-ча при ийгиликтер жаралды. Атом кубатын пайдалануу ж-а космосту изилдөөдө зор жаңылыктар ачылып, жаңы милдеттер аллыга коюлду. 1961—63-ж. ИАнын башкы милдеттери белгиленип, адистештирилген бөлүмдөр ачылды. Аларды башкаруу үчүн Президиум секциялары түзүлдү. ИАнын материалдык базасы кеңейип, ил. ин-ттар м-н лабор-ялар техниканын эң кийинки жетишкендиктери м-н жабылды. Катуу заттар физикасы, химия, биология ж. б. ин-ттар комплекстери курулду. Академиянын башка мин-волор, ведомстволор ж-а ил. мекемелер м-н байланышы күчөдү. СССР ИАнын тех. прогресс м-н маданий курулуштагы ролу чоң. Академия жүргүзүп жаткан изилдөөлөр техниканын жаңы тармактарына, айрыкча радиоэлектроника, эсептөө техникасы, полимерлер химиясы, коомдук илимдерге зор таасир тийгизүүдө. СССР ИА эки Ленин ордени (1969, 1975) м-н сыйланган.

Ад.: История Академии наук СССР, т. 3, т. 1—2, М.—Л., 1958—64; 220 лет Академии наук СССР, М.—Л., 1945; Вавилов С. И., Академия наук СССР, в кн.: Большая Советская Энциклопедия, 2 изд., т. 1, М., 1949; Вавилов С. И., 30 лет Советской науки, М.—Л., 1947; Несмеянов А. Н., 40 лет советской науки, «Вестник АН СССР», 1957, № 11; Келдыш М. В., Советская наука и строительство коммунизма, там же, 1961, № 7; его же, Великая Октябрьская Социалистическая революция и научный прогресс, «Вестник АН СССР», 1967, № 11; Топчиев А. В., Строительство коммунизма и наука, М., 1957; Князев Г. А., Кольцов А. В., Краткий очерк истории Академии наук СССР, 2 изд., М.—Л., 1957.

СССР КИНЕМАТОГРАФИСТТЕР СОЮЗУ — СССРдеги кино өнөрүнүн ишмерлерин (режиссёр, кинодраматург, актёр, оператор, сүрөтчү, композитор, үн оператор, сынчы, сценарий ж-а фильм редакторлору, ил. ж-а инженер-тех. кызматкер ж. б.) бириктирген коомдук чыгармачыл уюм. Негизги милдети — коммунисттик идеологиялык принциптерине ылайык жог. көркомдуктогу кино чыгарылышына жаралышына көмөк көрсөтүү, кино өнөрүнүн марксчик-ленинчик теориясын иштеп чыгууга, көп улуттуу кино өнөрүнүн өнүгүшүнө, жаштарды идеялык ж-а эстетикалык тарбиялоого, фильм чыгарууну, кинопрокат системасын ж. б-ды уюштурууну жакшыртууга кам көрүү. Союздун уюштуруу комитети 1957-ж. (И. А. Пырьевдин жетекчилиги м-н) түзүлгөн. Кинематографисттердин 1965-ж. ноябрдагы уюштуруу съездинде уставы кабыл алынып, башкармасы шайланган. Союздун жог. жетекчи органы— төрт жылда бир чакырылчу Бүткүл союздук съезд (1969, 1973, 1976-ж. өткөн). Аткаруу органы — съезд аралыгында союз ишин жетектеген башкарма. Ал президиум, секретариатты шайлайт. Башкарманын биринчи секретары — Л. А. Кулижанов (1965-жылдан). Ар бир союздук респ-када (РСФСРден башка) респ-калык К. с., автономия респ-каларда ж-а шаарларда бөлүмдөрү түзүлгөн (*к. Кыргызстан кинематографисттер союзу*). Союзда 5837 (1980) мүчө бар. Союз чыг-лык конф-я, кинофестиваль, симпозиум, чыг-лык жолугушуу, семинар ж. б. өткөрүп турат. 1959-жылдан союзда Сов. кино өнөрүн пропагандалоо бюросу иштейт. Басма органы (СССР Мин. Советинин Кинематогр. б-ча мамл. комитети м-н бирдикте)— *«Искусство кино», «Советский экран»* журналдары. Кырг-ндан 88 адам СССР к. с-на мүчө (1980).

СССР КИТЕПКАНАСЫ В. И. ЛЕНИН АТЫНДАГЫ, В. И. Ленин атн. Ленин ордендүү СССР мамл. китепканасы—СССРдин улуттук китепканасы, дүйнөдөгү ири китепканалардын бири; китепкана таануу, библиография ж-а китеп тарыхы б-ча ил. из. мекемеси; СССРдеги бардык системадагы китепканалардын (ил. тех. китепканадан башка) методикалык ж-а кеңешчи борбору (Москва). 1862-ж. 1-июлда Румянцев музейинин составында негизделген. 1914—15-ж. фондусу 500 миң том болуп, окуу залы 300 кишини тейлеген. Окт. рев-ясынан кийин китепканага мамлекеттештирилген китептерден 1,5 млн том өткөрүлгөн. 1921-жылдан эл аралык китеп алмашуучу баштаган. 1924-ж. 24-январда Ленин атн. Россия китепканасына. 1925-ж. 6-февралда СССР БАКтын Президиумунун токтому б-ча Ленин атн. СССР мамл. китепканасына айланган. 1945-ж. Ленин ордени м-н сыйланган.

1912-ж. китепканада 1 200 000 китеп болсо, 1977-ж. дүйнө элинин 200дөн ашык тилинде 28 млн китеп, газета, журнал, кол жазма болгон. Марксизм-ленинизм классиктеринин чыгарылыш 116 тилде чыккан 60 миң тому бар. Негизги ж-а атайын фондулун каталогдор системасы түзүлгөн. Китепканада байыркы орус кол жазма китептери, жазуучулардын, илимпоздордун ж-а коомдук ишмерлердин кол жазмалары да сакталат. Сейрек китептер болүмүндө К. Маркстын, Ф. Энгельстин, В. И. Ленындин, илим м-н ад-т классиктеринин түңүч китептери бар. Китепкана олконун 2 миңден ашык шаар ж-а кыштагынан 6832 абонентти (Кырг-ндан 37) тейлейт. Бир катар чет олкөнүн китепканалары м-н байланышта.

Ад.: История Государственной библиотеки СССР им. Ленина за 100 лет. 1862—1962, М., 1962; Горбачевский В. С. Главная библиотека страны, М., 1975.

СССР КОМПОЗИТОРЛОР СОЮЗУ (1932—57-ж. — Советтик композиторлор союзу) — сов. композиторлор м-н музыка изилдөөчүлөрдүн коомдук чыгармачыл уюму. ВКП (б) БКнын 1932-ж. 23-апрелдеги «Адабият жана көркөм өнөр уюмдарын кайра куруу жөнүндөгү» токтомуна ылайык 1932-ж. түзүлгөн. Союздун милдети — соц. реализм методунун негизинде жог. идеялуу ж-а көркөмдүк жагынан жеткилең чыгарды жаратууга композиторлор м-н музыка изилдөөчүлөрдү багыттоо, аларга идеялык-саясий тарбия-таалим берүү ж-а чеберчиликтеринин өсүшүнө көмөк көрсөтүү. 1932—40-ж. Москва, Ленинградда, союздук (*к. Кыргызстан композиторлор союзу*) ж-а автономия респ-каларда, кээ бир обл. борборлордо союздун уюмдары түзүлгөн. Союздун жог. жетекчи органы — Бүткүл союздук съезд (1948, 1957, 1962, 1968, 1974). Аткаруу органы— съезд аралыгында ишти жетектеп, жылына 1—2 жолу пленум өткөрүп

чү башкарма ж-а секретариат. Башкармалык тен. (кийин биринчи) секретары Т. Н. Хренников (1948-жылдан). СССР комп. союзунун 2036 мүчөсү бар (1978, 1-янв.). Карамагында «Советский композитор» басмасы иштеп, «Советская музыка», «Музыкальная жизнь» журналдары чыгат. Союздун алдында Сов. музыканы пропагандалоочу бүткүл союздук бюро ж-а СССР муз. фондусу иштейт. Ленин ордени м-н сыйланган (1968).

СССР КОНСТИТУЦИЯСЫ (1977) — өнүккөн соц. коомдун курулушун закон жүзүндө бекиткен дүйнөдөгү биринчи Конституция, жаңыча элдик соц. мамлекеттин Биринчи закону. Ал 1977-ж. 7-октябрда СССРдин эң жогорку өкүлчүлүктүү шайлануучу Жог. Советинин кезексиз жетинчи сессиясында кабыл алынган. Ал 9 бөлүм, 21 глава, 174 статьядан турат. Анда мурунку сов. Конституцияларынан (1918, 1924, 1936) идеялары ж-а принциптери сакталып, СССРдин коомдук түзүлүшүнүн ж-а саясатынын негиздери бекемделген, сов. мамлекеттин социалдык-маданий камкордугу, граждандардын укуктары, эркиндиктери ж-а милдеттери, соц. мамлекеттин бийлик ж-а башкаруу органдарынын уюмдашуу ж-а ишмердүүлүк принциптери жарыяланган. СССРдин улуттук мамл. түзүлүшү, мамл. органдардын түзүлүү (бийлик, башкаруу, адилет, көзөмөл), Эл депутаттар советтеринин системасы ж-а иштөө тартиби белгиленген. СССР К-нда СССРде өнүккөн соц. коомдун курулгандыгы, социализм өз негизинде өнүгүп жаткандыгы, Совет мамлекети пролетариат диктатурасынын милдетин аткарып, жалпы элдик мамлекет болгондугу, совет коомунун социалдык-саясий ж-а идеялык биримдиги, СССР улуттарынын ж-а элдеринин достугу чындалып, адамдардын тарыхый жаңы жалпылыгы — совет эли түзүлгөндүгү закон жүзүндө бекемделген. Жаңы Конституция — сов. мамлекеттин өсүшүнүн 60 жылдагы жетишкендиктеринин жыйынтыктаган олуттуу саясий документ, биздин турмуштун негизги закону. Ал— бардык жеңиштерибиздин, соц. демократиянын гүлдөшүнүн булагы.

СССР КУРУЛУШ БАНКЫ, Бүткүл союздук капитал салымын финансылоо банкы — СССР ө. ж., транспорт, байланыш, курулуш индустриясы, мамл. соода, агартуу, илим, мад-т, саламаттык сактоо, үй ж-а коммуналык чарба ишканалары м-н уюмдарынын капитал салымын, о. эле чет мамлекетке жардам курулуштарын финансылоочу мамл. банк. 1922-ж. Эл чарба жог. советине караштуу соода-ө. ж. банкы катары уюшулган. Адегенде ө. ж. м-н соодага кыска мөөнөттүү кредит берип турган. 1926-ж. узак мөөнөттүү кредит берүү бөлүмү ачылып, 1928-ж. банкка айланган. 1959-ж. ага турак-жай, мад-т, тиричилик ж. б. курулушту финансылоо милдети жүктөлгөн.

Капитал салымын финансылоо булагы — мамл. бюджет каражаты, ишкана ж-а чарб. уюм ыйымы, ички чарб. курулуш ресурстары, ушул милдеттүү банк кредити. Ал каражат банк счётунда топтолот. Капитал салымы 5 жылга чейин ангарлуу жана курулуш, реконструкциялануучу ж-а кеңейтилүү ишкана мин-вонун, ведомстволук, өндүрүш бирикмелеринин, комбинат ж-а ишканалардын өз эсебинен финансыланып, ал жетпесе, узак мөөнөттүү кредит алат. О. эле кооперация уюмдары м-н жеке адамдарга да кредит берет. Банкта устав, резерв фондусу, жабдууну кредиттөө, узак мөөнөттүү кредиттөө фондусу бар. Банк — чарбалык эсептеги бирдиктүү бирбердөшкөн система. Анын союздаш респ-каларда, крайларда, областтарда, автономия респ-каларында конторалары, белүмдөрү бар.

СССР МАМЛЕКЕТТИК АРБИТРАЖЫ — башка-башка борб. мекемелерде, ведомство, ишкана, уюмдардын өртөөсүндөгү мүлктүк талаш-тартыштарды чечүүчү орган. Анын системасына СССР Мин. Советинин мамл. арбитражы, респ-калык, АССРдин крайлык, обл., шаардык (Москва, Ленинград) Эл депутаттар советинин аткомдоруна караштуу мамл. арбитраждар кирет. Мамл. арбитраждар системасынын ичинен СССР Мин. Советинин арбитражы башкаруучу болуп саналат. Анын компетенциясына эң маанилүү ж-а чарб. ири талаш-тартыштарды кароо, мамл. ведомстволук арбитраждардын иши м-н тажрыйбасын жыйынтыктоо, инструктаж берүү кирет. «СССРде Мамлекеттик арбитраж жөнүндө закон» 1979-ж. 30-ноябрда кабыл алынган. Союздаш респ-калар м-н АССРлердин эл депутаттар советинин аткомдорундагы Мамл. арбитраж ж-дөгү жобону союздаш респ-калардын Мин. Совети бекитет.

СССР МАМЛЕКЕТТИК БАНКЫ — эл чарбасын, калкты кредит ж-а финансы м-н камсыздоочу негизги банк; СССРдин бирдиктүү эмиссия, касса ж-а эсептешүү борбору. 1921-ж. 4-октябрда В. И. Ленындин демилгеси м-н түзүлгөн. 1923-жылга чейин РСФСРдин мамл. банкы. Алгачкы учурда кредит ж-а эсептешүү операцияларын гана аткарган. Банк ж-а казына билеттерин, о. эле майда тыйын эмиссиялоо укугу 1922-ж. 11-октябрда ЭКСтин декрети м-н берилген (СССРдеги башка кредит мекемелеринин бири да эмиссия укугуна ээ эмес). СССР м. б. өлкөдө акчанын айлануусун уюштурып, акча эмиссиясын иш жүзүнө ашырат; эл чарбасына кыска мөөнөттүү кредит берүүнү, а. ч., дайдоо ж. б. ишкана, уюмдарынын, кректөө кооперациясынын, суу, токой чарбасынын, о. эле айыл жердеги калктын капиталдык салымдарын финансылоону ж-а узак мөөнөттүү кредиттөөнү жүргүзөт; аманат-сактык иштерин уюштурат; эл чарбасында

өсүштүн, анын пропорциялуулугун, ал ичинде өндүрүш, өндүрүштүк эмес тармактардын өнүгүшүнүн оптималдык пропорцияларын аныктоо, ошондой эле ресурстарды, ал ичинде капиталдык салымдарды рационалдуу бөлүштүрүү ж-а башка көптөгөн маселелер боюнча изилдөөлөр жүргүзүлөт. СССР м. б. — Дүйнөлүк банк, 1970-ж. анын 103 өлкөдө 878 мүчөсү болсо, 1978-ж. 1-янв. 103 өлкөдө 1 миңдей ишкана м-н мекемелер, ошондой эле 70 өлкөнүн 1 миңдей уюмдарын, өкмөттөрүн, өкмөт мекемелерин, банктарын кошо 4,2 млн эсептешүү, ссуда-эсеп счёттору ачылган. 1970-ж. эл чарбасынын тармактарына 911 млрд сом өнүктүрүүчү ссуда, 3 млрд сом техникалык өнүктүрүүчү ссуда ж-а 13 млрд сомдон ашык (СССР боюнча банк ж-а ипотекалык банктардын операциялык активдеринин капиталдык салымдарга финансылоочу ссудаларын кошо) өнүктүрүүчү ссуда берилген. Ал ар кандай эсептешүү ж-а валюта операцияларын ишке ашырууга өнүктүрүүчү ресурстарды көбөйтүү, банктын уюштурулуш принциптерин (СССР Мин. Совети бекиткен Уставы боюнча), банктын башкармасынын төрагасын СССР Мин. Советинин төрагасынын орун басарлары ж-а башка ишмерлерди СССР Мин. Совети бекитет, СССР м. б. — банктын борбордоштурулган системасы. Анын башында Башкарма турат, борб. аппараты, өкүлдүк респ-каларда мамл. банктын системасындагы банкаралык конторалары, агентстволору, сектор, кассаларынын тармагы бар.

Ад.: Государственный банк СССР. Краткий очерк, М., 1957; Кредитно-денежная система СССР, М., 1967; Атлас М. Развитие Государственного банка СССР, М., 1958.

СССР МАМЛЕКЕТТИК ПЛАНДОО КОМИТЕТИ, к. *Мамлекеттик пландоо комитети.*

СССР МАМЛЕКЕТТИК СЫЙЛЫКТАРЫ — илим ж-а техника, ад-т ж-а иск-во жагынан көрүнүктүү жетишкендиктери үчүн граждандарды сыйлоонун бир түрү. СССР м. с. КПСС БКнын ж-а СССР Мин. Советинин 1966-ж. 9-сентябрдагы, 1969-ж. 29-марттагы, 1969-ж. 11-августагы токтомдору м-н уюшулган. Ал илимге зор салым киргизген ил. изилдөөлөр, эл чарбасын өркүндөтүүнү тездетүүчү материал, машина, механизм м-н жабдууну камсыз кылуучу сунуштар, жаңы жог. өндүргүчтүү техног. процесстери ж. б. эмгектери үчүн ыйгарылат. СССР м. с-ның лауреаттарына жаңы при жетишкендиктери үчүн экинчи жолу биринчи сыйлык алгандан 5 жыл өткөндөн кийин ыйгарылат. СССР м. с-на көрсөтүүгө укуктуу ил., мамл., коомдук уюмдар СССР м. с. ж-дөгү жободо көрсөтүлгөн. Бул сыйлык жыл сайын Улуу Окт. Соц. рев-ясынын күнүнө карата ыйгарылат. Илим ж-а тех. б-ча 50, ад-т, иск-во, арх-ра б-ча 10 сыйлык берилет. Мындан башка 1970-жылдан баштап ад-ты, иск-во чыгармалары үчүн 1, жог., атайын орто ж-а жалпы орто окуу жайларынын окуу китептери үчүн 4 СССР м. с. белгиленген. Ар бир сыйлык 5 миң сом өлчөмүндө. Сыйлыкты берүү б-ча чечимди Лениндик ж-а СССР м. с. б-ча СССР Мин. Советине караштуу Комитет кабыл алып, КПСС БК м-н СССР Мин. Совети бе-

киткенден кийин күчүнө кирет. Сыйлык берүү токтому басма сөздө жарыяланат. Сыйлык алгандарга «СССР мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты» наамы берилип, сыйлык берилген жыл көрсөтүлүп, диплом ж-а ардак белгиси тапшырылат. СССР м. с-нын лауреаттарынын ардак белгисинин ж-а дипломунун сүрөттөлүшү, СССР м. с-нын лауреаттары ж-дөгү жобо СССР Мин. Советинин 1967-ж. 11-октябрдагы ж-а ага толуктоолор киргизген 1967-ж. 17-февр., 1977-ж. 25-июндагы токтомдору м-н бекитилген. Союздук республикалардын (РСФСР, УССР, Казак ССРи, Кыргыз ССРи ж. б.) мамл. сыйлыктары да белгиленген.

СССР мамл. сыйл. кырг-ндык лауреаттары: Адабият ж-а искусство б-ча — 1948. Сыдыкбеков Т. 1969. Айтматов Ч. (1977, экинчи жолу). 1972. Ильина Л. А. 1976. Молдобасанов К., Мусаев М., Сарбагышев У., Токомбаева А., Чокоева Р., Шамшиев Б. Илим жана техника б-ча — 1950. Алтыкеев Ч., Бектембаев И., Всяких А. С., Захарьев Н. И., Мельников П. И., Стрельникова Ф. А., Чашкин Г. Н., Щелоков П. Т. 1953. Абдрахманов Т. К., Голубин В. Н., Каширин Ф. Т., Мальцев В. Т., Чайка М. Т. 1975. Тынаев М. 1976. Дорошенко Н. И., Игембердиев С. А., Исаев К., Карасартов А., Малышев С. С., Мозолев Н. Л., Осмонкулов И., Павловский Л. К., Помазков Д. К., Ставинский В. А., Шкиль Н. М. 1977. Лавская Н. С. 1978. Дегембаева Т., Тойчубаев Ч. 1979. Чойбеков Д.

СССР МАМЛЕКЕТТИК ФИЛЬМ ФОНДУСУ (Бүткүл союздук мамл. кинофильмдер фондусу) 1948-ж. уюшулган. Мында ата мек. корком ж-а ил.-популярдуу (хроникадокумент ж-а хроника фильмдери Борб. мамл. кинофотофонодокументтердин архивинде сакталат) ж-а көп сандаган чет элдик көркөм, ил.-популярдуу фильмдердин негативи ж-а позитиви топтолгон. Фондуда фильмдердин ж-а фильм документтеринин дүйнөдөгү эң чоң коллекциялары (сценарийлер, монтаж баракчалары, архив материалдары) бар. Фонду сов. ж-а чет элдик кинолордун тарыхы б-ча справочниктер чыгарып турат. Фонду эл аралык киноархивдер федерациясына кирип, фильмдерди алмаштырууну, чет эл архивдери м-н бирге сов. фильмдерди башка мамлекеттерге ж-а алардын фильмдерин Сов. Союзунда көрсөтүүнү уюштурат. 1966-ж. Москвада фондунун «Иллюзион» кинотеатры ачылган.

СССР МАМЛЕКЕТТИК ЭМГЕК РЕЗЕРВДЕРИ — жаш муундардан эл чарбасы үчүн планга ылайык адис жумушчуларды даярдоочу система. 1940-ж. түзүлгөн. Алгач үч түрдүү окуу жайы уюштурулган: окуу мөөнөтү 2 жылдык кесипчилик, темир жол ж-а 6 айлык фабрика-завод окуусу. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында алар 2480 миң адис даярдаган. 1953-ж. а. ч. үчүн механизаторлорду даярдоочу тех. кесип окуу жайы ачылган. 1954-ж. орто мектепти бүтүргөн жаштар үчүн тех. окуу жайы түзүлгөн. 1957-ж. фабрика-завод мектебинин негизинде 2 жылдык курулуш окуу жайы уюштурулган. 1959-ж. бул окуу жайлар окуу мөөнөтү 3 жылга чейинки кесиптик-тех. окуу жайларга айландырылган. СССР м. э. р-нде 700дөй кесип б-ча адис жумушчулар даярдалат. Окууну бүтүргөндөргө кесиптине ылайык жумуш берилет. Кырг-нда кесипчилик тех. билим берүү системасында 1979—80-окуу жылында окугандардын саны 52,1 миңге жеткен.

СССР МЕДИЦИНА ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ (СССР МИА) — биздин өлкөдөгү ири илимпоз-медиктерди бириктирүүчү ж-а мед. илимин тейлөөчү мекеме. 1944-ж. Москвада уюшулган. 100 аныктан мүчө, 143 корр. мүчө (Кырг-ндан И. К. Ахунбаев, 1948 ж-а М. М. Миррахимов, 1969), 24 чет өлкөлүк мүчөсү, 41 ил. из. мекемеси бар (1978, янв.). Президенттери — Н. Н. *Бурденко* (1944—46); Н. Н. *Аничков* (1946—53); А. Н. *Бакулев* (1953—60); Н. Н. *Блохин* (1960—68; 1977-жылдан); В. Д. *Тимаков* (1968—77). Негизги милдеттери: медицинанын теориялык ж-а практикалык проблемаларын чечүү, ил. изилдөөлөрдү уюштуруп өнүктүрүү, чет өлкөлүк ил. из. мекемелери м-н байланышуу ж-а мед., биол. ил. кадрларды даярдоо. Академиянын 3 бөлүмү бар: 1) гигиена, микробиология, эпидемиология; 2) клиникалык медицина; 3) мед.-биология илимдери. Академиянын жог. жетекчи органы — жыл сайын чакырылуучу жалпы чогулуш. Жалпы чогулуштун сессиялары аралыгында академиянын иштерин СССР МИАнын Президиуму жетектейт. Анын мүчөлөрү (9 киши) 4 жылга Жалпы чогулушта шайланат. Академиянын алдында 20дан ашык проблемалык комиссия иштейт. Алар өлкөдөгү мед. ил. изилдөөлөрдү координациялоо милдетин аткарат. Академия «Вестник АМН СССР» (1946-жылдан), «Бюллетень экспериментальной биологии и медицины» (1936) журналдарды чыгарат.

СССР МИНИСТРЛЕР СОВЕТИ — СССР өкмөтү; мамл. бийликтин эң жог. аткаруу ж-а тескөө органы. Ал СССР Жог. Советинин кезектеги чакырылышынын 1-сессиясында составы пред-лден, биринчи орун басарлардан, пред-лдин орун басарларынан, СССР министрлеринен, СССР мамл. комитеттеринин пред-лдеринен, СССР мамл. кооперативдик комитетинин председателинен, кээ бир борб. мамл. башкаруу органдарынын жетекчилеринен түзүлөт. СССР М. С-нин составы СССР Конституциясында көрсөтүлгөн. Союздан реси-калардын Мин. Советинин пред-лдери кызматы б-ча СССР М. С-не кирет. СССР М. С. — мамлекетти башкаруучу орган. Анын жалпы компетенциясына сов. коомдун ж-а мамлекеттин турмушундагы бардык маанилүү чөйрөлөр кирет. Ал жалпы союздук ж-а союздук республикалык мин-волордун ж-а ага баш ийген ишканалардын иш-аракетин бириктирип, ага багыт берет; эл чарба планын, мамл. бюджетти аткаруу, акча-кредит системасын чыңдоо, коомдук тартипти камсыз кылуу, мамл. кызыкчылыкты коргоо ж-а граждандардын укуктарын сактоо маселелери б-ча кам көрөт; өлкөнүн коргоо күчтөрүнүн жалпы түзүлүшүн жетектейт; жыл сайын аскерге чакырылуучулардын санын белгилейт; чет мамлекеттер м-н карым-катнашка жалпы жетекчилик кылат. СССР Конституциясына ылайык ич-аракеттеги закондор негизинде ж-а аларды аткаруу б-ча бардык союздаш республикалардын аймагында укуктук күчкө ээ токтом ж-а буйрук чыгарат, жалпы мамл. маанилүү маселелер б-ча КПСС БК м-н СССР М. С. биргелешкен токтом кабыл алат; СССР М. С. өзүнүн компетенциясынын чегинде союздаш республикалардын Мин. Советинин токтомдорун, буйруктарын токтотууга, СССР министрлеринин ж-а ага баш ийген ишканалардын актыларын жокко чыгарууга акылуу.

СССР МИНИСТРЛЕР СОВЕТИНИН ДИН ИШТЕРИ БОЮНЧА СОВЕТИ — Совет мамлекетинин динге карата саясатын ыраттуу түрдө ишке ашыруу максатында 1965-ж. түзүлгөн союздук орган. Диний культ ж-дөгү сов. закондордун талабын аткарууга мамл. контроль — СССРдө динге ишенүү эркиндигинин негизги гарантияларынын бири. Улуу Ата Мек. согушка чейин (1941—45) муну СССР ЭКС Президиумунун алдындагы дин маселелери кароочу туруктуу комиссия ишке ашырган. 1943-ж. орус православие чиркөөсү б-ча совет, ал эми 1944-ж. СССР Мин. Советинин диний иштер б-ча совети ачылган. Алар 1965-ж. бирдиктүү орган — СССР Мин. Советинин дин иштери б-ча совети болуп кайрадан түзүлгөн. Бул совет борб. ж-а жерг. бийлик органдары ж-а өлкөдөгү башка уюмдар, о. эле диний бирикме тарабынан кулч ж-дөгү закон кандай аткарылып жаткандыгын көзөмөлдөйт; СССР өкмөтү м-н диний бирикмелердин ортосунда СССР өкмөтү чече турган маселе б-ча байланыш жасайт, диний таланты нормалдуу канааттандыруу б-ча ж. б. иш аткарат. Союздук ж-а автон. респ-каларда, о. эле крайларда ж-а областтарда Советтин уполномочендери бар.

СССР ОРДЕНДЕРИ ЖАНА МЕДАЛДАРЫ — соц. курулушта, сов. илим, техника, мад-тты жогорулатууда, мекенди коргоону бекемдөөдө, чыгармачыл иштиктер, жог. көрсөткүчтөр үчүн берилчү өзгөчө сыйлыктар. Аларды СССР Конституциясына ылайык СССР Жог. Советинин Президиуму берет. СССР о. ж. м. м-н СССР гражданды, мекеме, колхоз, совхоз, уюмдар, аскер бөлүгү м-н бирикмеси, о. эле Совет мамлекетине, достукту чыңдоодо сиңирген эмгеги үчүн чет мамлекет гражданды да сыйланат. Сыйлыкка СССР мин-волору, ведомстволору, союздан респ-калардын борб. органдары, эмгекчилер коллективи, респ-канын Мин. Совети көрсөтөт. Сыйлыкты СССР Жог. Советинин Президиумунун атынан анын предли, орун басарлары, секретары, мүчөлөрү, союздан, автономия респ-каларды Жог. Советинин Президиуму, крайлык, обл., округдук, шаардык, райондук эл депутаттар советинин комдору, аскер командованиеси тапшырат. СССР о. ж. м. м-н сыйлоо тартиби ВКП(б) ж-а СССР ЭКСтин 1936-ж. 7-майдагы «СССР орденди жөнүндө жалпы жобо» токтому, 1958-ж. 11-февралдагы «СССРдин орденде ри жана медалдары менен сыйлоо тартиби» деген СССР Жог. Советинин Президиумунун указы ж. б. м-н белгиленген. Алгачкы сов. орден Кызыл Туу РСФСРде 1918-ж. 16-сентябрда, 1920-ж. 28-декабрда Эмгек Кызыл Туу ордени РСФСРде, кийин союздаш респ-каларда уюштурулган. 1924-ж. 1-августа жалпы союздук Кызыл Туу ордени белгиленгенден кийин респ-калык ордендер м-н сыйлоо токтотулган. Бул сыйлыктарды тагынуу тартиби 1943-ж. 13-майдагы «Орденде рди, медалдарды, орден, медаль лентасын айырмалоочу белгини тагынуу эрежесинде» көрсөтүлгөн. Медалдар сол көкүрөккө ж-а орденде рдин ылдый (төмөн), «Алтын Жылдыз», «Орок жана Балка» алтын жылдызы ордендердин үстүнө (өйдө) тагылат. Кыргыз ССРинен СССР о. ж. м. м-н 55859 киши (1979, 1-дек.) сыйланган.

СССРдин ордендери

Аты	Белгиленген датасы
Ленин ордени	1930-ж. 6-апр.
Октябрь Революциясы	1967-ж. 31-окт.
«Жеңиш»	1943-ж. 8-ноябрь
Кызыл Туу	1924-ж. 1-авг.
1—2—3-дараж. Суворов	1942-ж. 29-июль
1—2-дараж. Ушаков	1944-ж. 3-март
1—2—3-дараж. Кутузов	1942-ж. 29-июлда
1—2-дараж. Нахимов	1—2-дараж., 1943-ж. 8-февралда 3-дараж.
1—2—3-дараж. Богдан Хмельницкий	1944-ж. 3-март
Александр Невский	1943-ж. 10-окт.; 1947-ж. 26-февралда өзгөртүү киргизилген
1—2-дараж. Ата Мекендик Согуш	1942-ж. 29-июль; 1943-ж. 19-июнда өзгөртүү киргизилген
Эмгек Кызыл Туу	1942-ж. 20-май; 1943-ж. 19-июнда өзгөртүү киргизилген
Эл Достугу	1928-ж. 7-сент.
Кызыл Жылдыз	1972-ж. 17-дек.
«Ардак Белгиси»	1930-ж. 6-апр.
1—2—3-дараж. Дан	1935-ж. 25-ноябрь
1—2—3-дараж. Эмгек Даңкы	1943-ж. 8-ноябрь
«Баатыр-Эне»	1974-ж. 18-янв.
1—2—3-дараж. «Энелик Даңк»	1944-ж. 8-июль
1—2—3-дараж. «СССР Куралдуу Күчтөрүндө Родинага кызмат өтөгөндүгү үчүн»	1944-ж. 8-июль; 1974-ж. 28-окт.

СССРдин медалдары

Аты	Белгиленген датасы
Советтер Союзунун Баатырларына берилүүчү «Алтын Жылдыз» Соц. Эмг. Баатырларына берилүүчү «Орок жана Балка» алтын медалы	1939-ж. 1-авг.
«Эрдик үчүн»	1940-ж. 22-май
Ушаков медалы	1938-ж. 17-окт.
«Жоокердик каармандыгы үчүн»	1944-ж. 3-март
«СССР мамлекеттик чек арасын коргоодогу артыкчылыгы үчүн»	1938-ж. 17-окт.
	1950-ж. 13-июль; 1966-ж. 11-февралда өзгөртүү киргизилген
«Коомдук тартипти сактоодогу артыкчылыгы үчүн»	1950-ж. 1-ноябрь
Нахимов медалы	1944-ж. 3-март
«Жумушчу-Дыйкан Кызыл Армиясынын 20 жылдыгы»	1938-ж. 24-янв.
«Эмгектеги каармандыгы үчүн»	1938-ж. 27-дек.
«Эмгектеги артыкчылыгы үчүн»	1938-ж. 27-дек.
«Эмгектеги каармандыгы үчүн (Аскердик каармандыгы үчүн)»	
В. И. Ленинди туулган күнүнүн 100 жылдыгын салтанаттуу белгилөөгө карата»	1969-ж. 5-ноябрь
«Эрт өчүрүүдөгү эрдики үчүн»	1957-ж. 31-окт.
«Түштүктүн кара металлургия өндүрүшүн калыбына келтиргендиги үчүн»	1948-ж. 18-май
«Донбасстын көмүр шахталарын калыбына келтиргендиги үчүн»	1947-ж. 10-сент.
«Дың жерлерди өздөштүргөндүгү үчүн»	1956-ж. 20-окт.
«Чөгүп баратканды сактагандыгы үчүн»	1957-ж. 16-февр.
1—2-дараж. «Ата Мекендик согуштун партизанына»	1943-ж. 2-февр.
«Ленинграды коргогондугу үчүн»	1942-ж. 22-дек.
«Москваны коргогондугу үчүн»	1944-ж. 1-май
«Одессаны коргогондугу үчүн»	1942-ж. 22-дек.
«Севастополду коргогондугу үчүн»	1942-ж. 22-дек.
«Сталинградды коргогондугу үчүн»	1942-ж. 22-дек.
«Киевди коргогондугу үчүн»	1961-ж. 21-июнь
«Кавказды коргогондугу үчүн»	1944-ж. 1-май
«Советтик Заполярьени коргогондугу үчүн»	1944-ж. 5-дек.
«1941—1945-жылдардагы Ата Мекендик согушта Германияны жеңгендиги үчүн»	1945-ж. 9-май
«1941—1945-жылдардагы Ата Мекендик согуштун жеңишинин 20 жылдыгы»	1965-ж. 7-май
«Японияны жеңгендиги үчүн»	1945-ж. 30-сент.
«Будапештти алгандыгы үчүн»	1945-ж. 9-июнь
«Кёнигсбергди алгандыгы үчүн»	1945-ж. 9-июнь
«Венаны алгандыгы үчүн»	1945-ж. 9-июнь
«Берлинди алгандыгы үчүн»	1945-ж. 9-июнь
«Белградды бошоткондугу үчүн»	1945-ж. 9-июнь
«Варшаваны бошоткондугу үчүн»	1945-ж. 9-июнь
«Праганы бошоткондугу үчүн»	1945-ж. 9-июнь
«1941—1945-жылдагы Ата Мекендик согушта эмгектеги каармандыгы үчүн»	1945-ж. 6-июнь
«Эмгек ветераны»	1974-ж. 18-янв.
«Москваның 800 жылдыгына эстелик»	1947-ж. 20-сент.
«Ленинграддын 250 жылдыгына эстелик»	1957-ж. 16-май
«Советтик Армиянын жана Флоттун 30 жылдыгы»	1948-ж. 22-февр.
«СССРдин Куралдуу Күчтөрүнө 40 жыл»	1957-ж. 18-дек.
«СССРдин Куралдуу Күчтөрүнө 50 жыл»	1967-ж. 26-дек.
«Советтик милицияга 50 жыл»	1967-ж. 20-ноябрь
1—2-дараж. «Эрдик медаль»	1944-ж. 8-июль
1—2—3-дараж. «Эмгектеги каармандыгы үчүн»	1974-ж. 18-янв.
«СССР Куралдуу Күчтөрүнө 60 жыл»	1978-ж. 28-янв.
«Аскердик кызматтагы артыкчылыгы үчүн»	1974-ж. 28-окт.

СССР ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ (ПИА) — пед. илимдер б-ча ири илимпоздорду, элге билим берүүнүн көрүнүктүү ишмерлерин

биригтирген жог. ил. мекеме. 1966-ж. августта РСФСР ПИАнын (1943—66) базасында Москвада түзүлгөн. 1978-ж. 1-январда 45 адам мүчөсү ж-а 70 корр. мүчөсү болгон. Академиянын жог. жетекчи органы — жалпы чогулуш. 2 чакырылыш Жалпы чогулуш, анын аралыгында президент башкарып турат. Президиум башкарат. Мекеси — жаш муундарды тарбиялоо ж-а окутуу жөнүндө илимий изилдөөлөрдү педагогика, психология, жалпы физиология ж. б. б-ча илимдерге ылайыктуу; педагогдорду даярдоо ж-а квалификациясын жогорулатуу ж. б. СССР ПИАда 6 бөлүм, 13 ил. из. ин-ту (жалпы педагогика, жалпы ж-а пед. психология, мектепке чейинки тарбия ж. б.), 15 эксперименттик мектеп, китепкана, архив ж. б. кирет. Академия «Советская педагогика» (1937-жылдан), «Вопросы психологии» (1955), «Семья и школа» (1945) ж. б. журналдарды чыгарат.

СССР ПРОФСОЮЗДАРЫ (Ц. с.), СССР профсоюздары ресасына, улуттук, жынысына, диний ишенимине карабастан бардык кесиптеги жумушчу-дыйкан ж-а кызматкерлердин өз ыктыары м-н бириккен, партиянын тышкаркы, массалык коомдук уюмдары. Эмгекчилердин П. с-га биригүү укугу СССР Конституциясында белгиленген. В. И. Ленин дин аныктамасы б-ча профсоюздар—эмгекчилер үчүн жетекчиликтин, коммунизмдин мектеби. В. И. Ленинди «Эмне кылуу керек?» ж. б. эмгектеринде, РСДРПнин 2-съездинин чечиминде тап күрөшүүнүн мектеби катары П. с-дын маанисин ж-а роду, империализм м-н падышалыктын шартында пролетариаттын тактык кызыкчылыгын коргоо үчүн П. с-ды түзүү зарылдыгы көрсөтүлгөн, аларга парт. жетекчилик керектиги, профсоюз кыймылын теориялык ж-а уюмдаштыруу негизи белгиленген. П. с-дын устаатында профсоюздун максаты, милдети, иштин методу ж-а формасы, мүчөлөрдүн б-ча ири илимпоздорду, элге билим рын шайлоо тартиби, алардын милдеттери, органдарын белгиленген. Ал б-ча П. с.

централизм принцибинин негизинде, коомдук өндүрүш тармактары б-ча түзүлөт; респ-ка, край ж-а областтарда союздары уюштурулат. Жог. органы — жалпы жыйналыш, конф-я, съезд; ал аткаруучу органды — профсоюз комитетин ж-а советин шайлайт. Профсоюздун мүчөлөрү профсоюздун жог. органдарын шайлоого ж-а аларга шайлануура укуктуу; жыйналыш, конф-я ж-а съездерде, о. эле басма сөздөрдө профсоюз иши б-ча талкууга катышып, сунуш кийирүүгө, профсоюздук, чарб. уюмдарды ж-а кызматкерлерди сындоого, ар кандай суроолор м-н профсоюздун жог. уюмдарына кайрылууга укуктуу. Профсоюз мүчөсү эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга, өндүрүш планынын аткарылышына активдүү катышууга, соц. мелдештин ж-а эмгекте коммунисттик сыймыктын алдыңкыларынан болууга, мамл. эмгек тартибин сактоого, өзүнүн саясий деңгээлин жогорулатууга, мүчөлүк акыны өз убагында төлөп, профсоюз ишине, жыйналышына активдүү катышууга милдеттүү. Россияда П. с. пролетариаттын рев-ячыл уюму катары 1905—07-жылдардагы рев-янын мезгилинде (стачка комитеттеринен, фабрика депутаттарынын советинен) пайда болгон. 1905-ж. П. с. Петербург, Москва, Екатеринослав, Иваново-Вознесенск, Одесса ж. б. ө. ж. борборлордо (көбү 1905-жылкы Октябрь бүткүл россиялык саясий иш таштоосу ж-а Декабрь куралдуу көтөрүлүшү мезгилинде) түзүлгөн. Большевиктер партиясы П. с-дын уюштуруучусу ж-а идеялык жетекчиси болгон. П. с. иш таштоолорду уюштурган, эмгекчилердин турмуш шарттарын жакшыртуу үчүн күрөшкөн, жумушсуздарга камкордук көргөн, жумушчулар үчүн мектеп, кызыл үйлөрдү түзгөн; газета, журналдарды чыгарган. 1905—07-жылдардагы рев-я мезгилинде П. с. Москва ж-а Урал, Сибирдин ө. ж. борборлорунда падыша аскерлерине куралдуу каршылык көрсөткөн күжүрмөн кошуундарды түзгөн. Большевиктер профсоюз кыймылындагы анархо-синдикалисттик, реформисттик тенденцияга ж-а меньшевиктердин «бейтарапташтыруу» теориясына каршы күрөшкөн. Реакция жылдарында көптөгөн П. с. жабылган. Рев-ялык жаңы жогорулоо мезгилинде П. с. бир кыйла өсүп, большевиктердин таянычына айланган. Биринчи дүйн. согуш мезгилинде П. с. талкаланган аман калгандары (1917-ж. февралда 20 гана П. с. болгон) кайрадан «өзгөчө көзөмөлгө» алынган. Февр. рев-ялыкнан кийин профсоюздар пролетариаттын массалык уюму катары калыбына келтирилген. Фабрика-завод комитеттери (фабзавкомдор) түзүлгөн. Профсоюз ж-а фабзавкомдор аркылуу большевиктер эмгекчилерди Убактылуу өкмөттүн элге кас саясатына каршы күрөшүүгө үгүттөгөн. П. с-дын бүткүл россиялык 3-конф-ясы (1917-ж. июнь; 73 большевик, 105 эсер, меньшевик катышкан ж. б.) 35 профсоюз мүчөсүнөн турган (16сы большевик) убактылуу Бүткүл россиялык борб. советти (ВЦСПС) шайлаган. П. с-дын ж-а фабзавкомдордун өкүлдөрү Окт. куралдуу которулушун жетектеген бардык органдарга кирген. Бул мезгилде П. с-да 2 млн-дон ашык мүчө болгон. П. с. Улуу Окт. соц. рев-ясынын жеңишинде, эски мамл. аппаратты талкалап, жаңысын түзүүдө, Совет бийлигин чыңдоодо зор роль ойногон. 1918-ж. 7—14 (20—27)-январда Петроградда өткөн П. с-дын бүткүл россиялык 1-съезди [чечүүчү добуш м-н 416, кеңеш берүүчү добуш м-н 75 делегат; (273ү большевик)] П. с-ды уюмдаштырып, уставын кабыл алган, фабзавкомдору П. с. м-н бириктирүү керектиги ж-а алар негизги иштеринде чарб. тармактык уюмдарга баш иерн белгиленген. П. с-дын бүткүл россиялык 2-съездинде (1919-ж. 16—25-янв.) В. И. Ленин «Профессиялык союздардын милдеттери жөнүндө» доклад жасап, анда социализм ж-а коммунизмди курууда профсоюздун ролун көрсөткөн. 1920-жылдын аягында 23 тармактык П. с. түзүлгөн. Гражд. согуш ж-а интервенция мезгилинде П. с. Кызыл Армияга 4 жолу жоокерлерди жөнөтүп, согуш о. ж-н ж-а ишканалардын ишин жөнгө салууга катышкан. 1921—22-ж. профсоюздар ачарчылык м-н күрөшүүдө зор иштер жүргүзгөн. Акырындык м-н П. с. иштин согуш ыкмасынан кеңири демократияга (жетекчи органдардын шайланышы, чогулуштардын ыраатуулугу ж. б.) өтө баштаган. Буга Л. Троцкий ж. б. оппозициячылар каршы чыккан. Л. Троцкий П. с-ды мамлекеттештирүүнү ж-а милитаризациялоону, «демократиялык централисттер» ө. ж. ишканаларын чогуу башкарууну ж-а партияда фракция м-н топторду түзүү эркиндигин талап кылган. «Жумушчу оппозициянын» жетекчилери П. с-ды Совет мамлекетине ж-а партияга каршы коюшкан, аларды Н. И. Бухарин «буфердик тобу» колдогон. Партияга П. с-дын талкуусу тануулаган. Ал дискуссиянын ачык жыйынтыгын *РКП(б)нин 10-съезди* (1921-ж. март) чыгарып, оппозициячыл топтордун көз карашын айыптап, П. с. коммунизмдин мектеби деген лениндик платформаны колдогон. П. с-дын бүткүл россиялык 4-съезди (1921-ж. 17—25-май) РКП(б)нин 10-съездинин чечимдерин колдоп, П. с-дын жаңы экон. саясат шартындагы иш программасын белгилеген. РКП(б) БКнын пленуму (1921-ж. 28-дек.) жаңы шартта П. с-дын ишин кайра куруу сунушун иштеп чыгуу үчүн В. И. Ленин башында турган комиссия түзгөн. «Жаңы экономикалык саясаттын шартында профсоюздардын милдеттери жана ролу» деген В. И. Лениндин тезистери РКП(б)нин 11-съездинин (1922, янв.) рез-ясынын негизин түзгөн. Жаңы экон. саясат жылдарында П. с-дын милдети — буржуазиянын эзүүсүнө каршы күрөшүүдө пролетариаттын тактык кызыкчылыгын коргоо; калыбына келтирүү мезгилинде масса м-н тыгыз байланыш, профсоюз ишиндеги маселелерди чогуу чечүү, чарб. уюмдарды түзүүгө катышуу, эмгекчилерди матер. ж-а моралдык колдоо ж. б. болгон. П. с. өлкөнү индустриялаштырууда, коллективдештирүүдө, маданий рев-яны ишке ашырууда ж-а социализмди курууда чоң салым кошту. Алар массанын чыг-лык активдүүлүгүнүн өсүшүнө жардам берип, соц. мелдешти жайылтып, эмгек тартибин чыңдашкан. П. с-дын катышуусу м-н алдыңкы жумушчулар айыл-кыштактарга жиберилген (к. *Жыйырма беш миңчилер*). П. с. о. ж. үчүн кадрларды даярдоого да катышкан. ВКП(б)нин 18-съезди (1939, март) м-н 18-конф-ясынын (1941, февр.) чечимдерин турмушка ашырууда профсоюздар эмгекти уюштуруу ж-а өндүрүштө кезиккен кемчиликтер м-н күрөшүүнү күчөткөн. Улуу Ата Мек. согушта П. с-дын иштери душманды талкалоого багытталган. П. с. мекемелерди ж-а ишканаларды эвакуациялоого, аларды согушка ылайык кайра түзүүгө, жумушчу күч м-н камсыз кылууга ж. б-га катышкан. Согуштан кийин П. с-дын иши эл чарбасын калыбына келтирүүгө ж-а өнүктүрүүгө багытталган. 1946-ж. 8-июнда ВЦСПСтин Президиуму «СССРдин эл чарбасын өнүктүрүү планын аткаруу жана ашыра аткаруу үчүн бүткүл союздук социалисттик мелдешти уюштуруу жөнүндө» токтом кабыл алып, 8 саат жумуш күнү, отпуск ж-а ө. ж-да коллективдүү келишим түзүү практикасын калыбына келтирген. ВКП(б) БКнын (1948, авг.) ж-а ВЦСПСтин (1949, сент.) чечими б-ча П. с-дын респ-калык ж-а обл. советтери түзүлгөн. СССР П. с-нын 10-съезди (1949-ж. 19—27-апр.) иштелген иштердин жыйынтыгын чыгарган; П. с-дын ишин жакшыртуу ж-дө чечим кабыл алып, анын жаңы Уставын бекиткен. КПСС БКнын Окт. пленуму (1957) «СССР профессиялык союздарынын иши жөнүндөгү» маселени карап, профсоюздардын укугу м-н функциясын кеңейткен. П. с. ж-догу лениндик илимди өнүктүрүү үчүн бир катар чараларды иштеп чыккан. П. с-дын катышуусу м-н өндүрүштү өнүктүрүү, эмгекчилердин турмуш шарты, эмгек акы ж. б. маселелер чечиле баштаган. 1957-ж. «Эмгек талаш-тартыштарын кароонун тартиби жөнүндөгү жобо» (жаңысы 1974-ж.), 1958-ж. «Фабрика, завод жана жергиликтүү комитеттердин укугу жөнүндө жобо» (жаңысы 1971-ж.) кабыл алган. П. с-дын катышуусу аркылуу пенсиялар м-н камсыз кылуу, эмгек акыны жогорулатуу ж. б. закондор кабыл алынган. П. с. соц. мелдешти жетектейт (1975-



СССР ордендери жана медалдары макаласына: **1.** Кызыл Туу ордени. **2.** Эмгек Кызыл Туу ордени. **3.** Ленин ордени. **4.** Кызыл Жылдыз ордени. **5.** «Ардак Белгиси» ордени. **6.** 1-дараж. Ата Мекендик Согуш ордени. **7.** 2-дараж. Ата Мекендик Согуш ордени. **8.** 1-дараж. Суворов ордени. **9.** 2-дараж. Суворов ордени. **10.** 3-дараж. Суворов ордени. **11.** 1-дараж. Кутузов ордени. **12.** 2-дараж. Кутузов ордени. **13.** 3-дараж. Кутузов ордени. **14.** Александр Невский ордени. **15.** 1-дараж. Богдан Хмельницкий ордени. **16.** 2-дараж. Богдан Хмельницкий ордени. **17.** 3-дараж. Богдан Хмельницкий ордени. **18.** «Жеңиш» ордени.



19 20 21 22 23

24 25 26 27 28

29 30 31 32

33 34 35 36 37

СССР ордендери жана медалдары макаласына: **19.** 1-дараж. Даңк ордени. **20.** 2-дараж. Даңк ордени. **21.** 3-дараж. Даңк ордени. **22.** 1-дараж. Ушаков ордени. **23.** 2-дараж. Ушаков ордени. **24.** 1-дараж. Нахимов ордени. **25.** 2-дараж. Нахимов ордени. **26.** 1-дараж. СССР Куралдуу Күчтөрүндө Ата Мекенге кызмат өтөгөндүгү үчүн ордени. **27.** 2-дараж. СССР Куралдуу Күчтөрүндө Ата Мекенге кызмат өтөгөндүгү үчүн ордени. **28.** 3-дараж. СССР Куралдуу Күчтөрүндө Ата Мекенге кызмат өтөгөндүгү үчүн ордени. **29.** «Баатыр Эне» ордени. **30.** 1-дараж. «Энелик Даңк» ордени. **31.** 2-дараж. «Энелик Даңк» ордени. **32.** 3-дараж. «Энелик Даңк» ордени. **33.** Октябрь Революциясы ордени. **34.** Эл Достугу ордени. **35.** 1-дараж. Эмгек Даңкы ордени. **36.** 2-дараж. Эмгек Даңкы ордени. **37.** 3-дараж. Эмгек Даңкы ордени.



1 2 3 4 5 6

7 8 9 10 11 12

13 14 15 16 17 18

19 20 21 22 23 24

СССР ордендери жана медалдары макаласына: **1.** «Алтын Жылдыз». **2.** «Орок жана Балка». **3.** «Каармандыгы үчүн». **4.** Ушаков медалы. **5.** «Жоокердик каармандыгы үчүн». **6.** «СССР чек арасын коргоодогу артыкчылыгы үчүн». **7.** «Коомдук тартипти коргоодогу эң жакшы кызматы үчүн». **8.** Нахимов медалы. **9.** «Жумушчу-Дыйкан Кызыл Армиясына XX жыл». **10.** «Эмгектеги каармандыгы үчүн». **11.** «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн». **12.** «Эмгектеги каармандыгы үчүн (жоокердик каармандыгы үчүн)». **13.** В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгын белгилөөгө карата. **14.** «Өрт өчүрүүдөгү каармандыгы үчүн». **15.** 1-дараж. «Ата Мекендик согуштун партизанына». **16.** 2-дараж. «Ата Мекендик согуштун партизанына». **17.** «Ленинградды коргогондугу үчүн». **18.** «Москваны коргогондугу үчүн». **19.** «Одессаны коргогондугу үчүн». **20.** «Севастополду коргогондугу үчүн». **21.** «Сталинградды коргогондугу үчүн». **22.** «Киевди коргогондугу үчүн». **23.** «Кавказды коргогондугу үчүн». **24.** «Советтик Заполярьяны коргогондугу үчүн».



СССР орденери жана медалдары макаласына: **25.** «Улуу Ата Мекендик согушта Германияны жеңгендиги үчүн. 1941—1945». **26.** «Улуу Ата Мекендик согуштун жеңишине жыйырма жыл. 1945—1965». **27.** «Японияны жеңгендиги үчүн». **28.** «Будапештти алгандыгы үчүн». **29.** «Кёнигсбергди алгандыгы үчүн». **30.** «Венаны алгандыгы үчүн». **31.** «Берлинди алгандыгы үчүн». **32.** «Белградды бошоткондугу үчүн». **33.** «Варшаваны бошоткондугу үчүн». **34.** «Праганы бошоткондугу үчүн». **35.** «Улуу Ата Мекендик согушта эмгектеги каармандыгы үчүн. 1941—1945». **36.** «Түштүктүн кара металлургиясын калыбына келтиргендиги үчүн». **37.** «Донбасстын көмүр шахталарын калыбына келтиргендиги үчүн». **38.** «Дык жерди өздөштүргөндүгү үчүн». **39.** «Москванын 800 жылдыгынын эстелигине». **40.** «Ленинграддын 250 жылдыгынын эстелигине». **41.** «Советтик Армияга жана флотко 30 жыл». **42.** «СССР Куралдуу Күчтөрүнө 40 жыл». **43.** «СССР Куралдуу Күчтөрүнө 50 жыл». **44.** «Советтик милицияга 50 жыл». **45.** 1-дараж. «Энелик медаль». **46.** 2-дараж. «Энелик медаль». **47.** «Эмгек ветераны». **48.** «СССР Куралдуу Күчтөрүнө 60 жыл».

ж. 1-январда ага СССРдин 86,8 млн эмгекчиси катышкан). Бүткүл союздук ойлоп табуучулар м-н рационализаторлор коому 16 млн-го жакын (1976) адамды бириктирген; өндүрүш кеңешмелери (1976-ж. СССРде 129,1 миң; 5,5 млн адам катышкан) дайыма иштеп турат. Эмгекти коргоо үчүн мамлекет 1,75 млрд сом бөлгөн. П. с. мамл. социалдык камсыздандырууга (1975-ж. бюджет б-ча ага 26 млрд сомдон ашык бөлүнгөн), эмгекчилерге санаторий-курорттук дарылоого ж-а эс алууну уюштурууга (1975-ж. санаторий ж-а эс алуу үйлөрүн курууга 239,6 млн сом бөлүнгөн) жетекчилик кылат. П. с-дын санаторий, пансионат, эс алуу үйлөрүндө 1975-ж. 8,6 млн адам эс алган ж-а дарыланган, 20 миң пионер лагеринде 10,2 млн мектеп окуучулары эс алган. П. с-дын турист-саякат уюмдары 25,4 млн туристти, 130,9 млн-дон ашык саякатчыларды тейлеген. 1978-ж. 1-январда П. с-дын 22,4 миң клубу, мад-т дворецтери ж-а үйлөрү, 326,1 миң кызыл бурчу ж. б. болгон. 1978-ж. СССРдин 8,9 миң элдик ун-тинде 2,3 млн угуучу, коммунисттик эмгектин мектептеринде 11,6 млн адам окуган. П. с-дын китепканаларында 313,6 млн пуска китеп фондусу бар. 1977-ж. физ-ра ж-а спортко 532,8 млн сом жумшалган. П. с-дын 34 ыктыярдуу спорт коому 35,1 млн мүчөнү бириктирет (1978). П. с. басмасынын китеп продукциясы 1977-ж. 32,1 млн пускага жеткен. Сов. П. с. Профсоюздардын бүткүл дүйн. федерациясы м-н кызматташтык байланышта. 1978-ж. СССРге 126 өлкөдөн 1137 делегация келип, сов. П. с-дын 751 делегаты 78 өлкө барган. 1978-ж. 1-январда СССР П. с. 121 млн адамды бириктирген (711,5 миң баштапкы уюму бар). СССР П. с-нын ишин П. с-дын бүткүл союздук совети (ВЦСПС) жетектейт. П. с-дын борб. басма сөз органы — *«Труд»* газетасы. П. с. сов. коомдун турмушунда көрүнүктүү орунду ээлеп, ролу жогорулоодо. Кырг-н П. с.—СССР П. с-нын составдык бөлүгү. 1978-ж. 1-январда Кырг-н профсоюздарынын 1 170 577 мүчөсү болгон. СССР П. с-нын 16-съезди (1977-ж. 21—25-март) коммунизмдин матер.-тех. базасын түзүүдө П. с-дын милдетин белгилеп, уставына өзгөртүү киргизген. СССР профсоюздары соц. ж-а коммунисттик коомду куруудагы салымы ж-а эл чарбасын өнүктүрүүнүн пландарын аткаруудагы ийгиликтери үчүн эки Ленин ордени м-н сыйланган (1957, 1972).

Ад.: Маркс К., Энгельс Ф., О профсоюзах, М., 1959; В. И. Ленин о профсоюзах. 1894—1922, М., 1957; КПСС о профсоюзах, М., 1967; Профсоюзы СССР. Документы и материалы, т. 1—4, М., 1963; Материалы XV съезда профессиональных союзов СССР, М., 1972; Материалы XVI съезда профессиональных союзов СССР, М., 1977.

СССР ДЕЦИЗ ФЛОТУНУН КАРАМАГЫНДА — бардык сов. деңиз кемелерине (кайсы ведомствого таандыгына карабастан) тех. көзөмөлдөө жүргүзүүчү ж-а классификациялоочу орган. СССР деңиз флотунун карамагында. Иш аракети СССР ЭКСтин 1931-ж. 11-декабрдагы ССР Союзунун регистри ж-дегү токтомуна ж-а 1968-жылкы СССР деңиз соода кодексине ылайык жүргүзүлөт. СССР р. ж-дегү уставды 1970-ж. 20-августа СССР деңиз флот мин-восу бекиткен. СССР р. Ленинградда, СССРдин ири порторунда аның инспекциялары, анча чоң эмес порттордо ж-а заводдордо инспектрлик бөлүктөрү бар. Инспекциялар башка соц. мамлекеттердин порторунда, о. эле Финляндияда ж. б. да бар. СССР р. кеме курууга, жабдууга, кеме курууда материалдарды колдонууга, деңиз кемелерин сактагыч, өрткө каршы ж. б. каражаттар м-н жабдууга тийиштүү жобо чыгарат; кемени долбоорлоодо, курууда ж-а пайдаланууда бул жобону сактоону көзөмөлдөйт. Кемени классификациялоо катары СССР р. чөнөө, кемени, аның корпусун, мех. установкаларын, жабдууларын күбөлөндүрөт, сыймдуулугун аныктайт. Флоттор эсеби атайын «СССР кемелерин каттоо — китебинде» жазылат. СССР р-нин тех. көзөмөлүндөгү кеме, деңиз соода же бамелүндөгү кеме, деңиз соода же балык уулоо портторунун биринин мамл. кеме регистрининн бирине киргизилгенден ССР Союзунун желеги астында сүзүүгө укуктуу. Бир катар кемелерге (мис., балыкчылык ж. б. колхоздорго, айрым граждандарга тийиштүү) тех. көзөмөлдөө жүргүзүү айрым ведомстволорго (мис., СССР балык чарба мин-восуна, эл депутаттар советинин аткомдоруна) жүктөлгөн. СССР АДФтин корабльдери СССР р-нин көзөмөлдөөсүнө кирбейт.

СССР СОВЕТТЕРИНИН 1-СЪЕЗДИ 1922-ж. 30-декабрда Москвада өткөн. Съезд «Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун түзүлүшү жөнүндө декларацияны», «Советтик Социалисттик Республикалар Союзун түзүү жөнүндө келишимди» карап бекиткен; СССР БАКты шайлаган. РСФСР, УССР, БССР, ЗСФСРдин биригиктүү союздук мамлекетке биригиши бекиткен. СССРдин түзүлүшү Совет бийлигинин чыңдалганын күбөлөгөн ж-а Коммунисттик партиянын лениндик улут саясатынын ири жеңиши болгон.

СССР СОВЕТТЕРИНИН 2-СЪЕЗДИ 1924-ж. 26-январдан 2-февралга чейин Москвада өткөн. Съездде В. И. Ленindин осуяттарын сактоого ж-а аткарууга ант берилген. В. И. Ленindин өлгөнүнө байланыштуу съезд «Эмгекчи адамзатка» деген кайрылуу, В. И. Ленindин чыг-ларын басып чыгаруу, Петроградды Ленинград деп атоо, Кызыл Аянтта В. И. Ленинге мавзолей, башка шаарларда эстелик тургузуу ж-дө токтомдор кабыл алган. Съезд Совет өкмөтүнүн докладын, Борб. а. ч. банкын түзүү ж. б. маселелерди талкуулаган. 31-январда СССРдин 1-Конституциясын кабыл алып, БАКты шайлаган.

СССР СОВЕТТЕРИНИН 3-СЪЕЗДИ 1925-ж. 13—20-майда Москвада өткөн. Күн тартиби: Түркмен ж-а Өзбек ССРлерinin СССРдин составына кошулушу ж-дө, СССР өкмөтүнүн доклады ж. б. Съездде СССРдин ички ж-а тышкы саясаты б-ча конкреттүү чаралар, о. эле өлкөнүн коргонуу жөндөмдүүлүгү, Советтердин ишин жакшыртуу, ө. ж. м-н айыл чарбаны андан ары жогорулатуу б-ча да чаралар иштелип чыккан.

СССР СОВЕТТЕРИНИН 4-СЪЕЗДИ 1927-ж. 18—26-апрелде Москвада өткөн. Күн тартиби: СССР өкмөтүнүн отчёту, өлкөнү коргоо ж-а Кызыл Армиянын абалы, СССР БАКты түзүү ж. б. Съезд Совет өкмөтүнүн ички ж-а тышкы саясатын жактырган; ө. ж-ды (оор ө. ж.), өзгөчө улуттук республикаларда өнүктүрүүнү белгилеген; СССР эл чарбасын өнүктүрүүнүн беш жылдык планын иштеп чыгууну өкмөткө тапшырган; а. ч-ны жогорулатуу б-ча конкреттүү чаралар иштеп чыккан. Кызыл Армия, СССРдин Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү ж. б. маселелер б-ча токтом кабыл алган.

СССР СОВЕТТЕРИНИН 5-СЪЕЗДИ 1929-ж. 20—28-майда Москвада өткөн. Күн тартиби: СССР өкмөтүнүн доклады, СССР эл чарбасынын 1-беш жылдык планын бекитүү ж. б. Съезд СССР өкмөтүнүн ички ж-а тышкы саясатын жактырган; СССР эл чарбасын өнүктүрүүнүн 1-беш жылдык планын бекиткен. Айыл-кыштакта кооперация курулушун ж-а а. ч-ны жогорулатуунун жолдорун белгилеген; СССР БАКтын жаңы составын шайлаган.

СССР СОВЕТТЕРИНИН 6-СЪЕЗДИ 1931-ж. 8—17-мартта Москвада өткөн. Күн тартиби: СССР өкмөтүнүн доклады, СССР Конституция маселелери, СССР БАКты түзүү ж. б. Чечүүчү добуш м-н 1576 делегат катышкан. Съезд өкмөттүн ички ж-а тышкы саясатын бир добуштан жактырган. Ө. ж. жана а. ч-сын андан ары өнүктүрүү б-ча иш чараларды белгилеген. Тажик ССРинин түзүлүшүн ж-а анын СССРдин составына кошулушун конституциялык түрдө бекиткен.

СССР СОВЕТТЕРИНИН 7-СЪЕЗДИ 1935-ж. 28-январдан 6-февралга чейин

СССР П. с-ныn съездери ж-а профсоюз мүчөлөрү (миң адам)

Съездери	Жылдары	Саны
1-съезд	1918, янв.	2638,8
2-съезд	1919, янв.	3422,0
3-съезд	1920, апр.	4227,0
4-съезд	1921, май	8485,0
5-съезд	1922, сент.	5100,0
6-съезд	1924, нояб.	6400,0
7-съезд	1926, дек.	9236,0
8-съезд	1928, дек.	11000,0
9-съезд	1932, апр.	16500,0
10-съезд	1949, апр.	28500,0
11-съезд	1954, июнь	40420,0
12-съезд	1959, март	52780,0
13-съезд	1963, окт.-нояб.	68175,0
14-съезд	1968, февр.-март	86130,0
15-съезд	1972, март	98000,0
16-съезд	1977, март	113000,5



В. А. Ставицкий.

Москвада өткөн. Съезд өкмөттүн ички ж-а тышкы саясатын, ишин бир добуштан жактырган. Мал чарбасын өнүктүрүү ж-а чыңдоо б-ча токтомдор кабыл алган. Өлкөдө тап күчтөрүнүн тең салмактуулугунун өзгөрүшүнө ж-а соц. системанын жеңип чыгышына байланыштуу съезд СССР Конституциясын демократташтыруу багытында ага өзгөртүүлөр киргизүү керектигин белгилеген.

СССР СОВЕТТЕРИНИН ЧУКУЛ ЧАКЫРЫЛГАН 8-СЪЕЗДИ 1936-ж. 25-ноябрдан 5-декабрга чейин Москвада өткөн. Съезд СССРдин жаңы Конституциясынын долбоорун талкуулоо ж-а бекитүү үчүн чакырылып, 1936-ж. 5-декабрда бир добуштан СССР Конституциясынын текстин бекиткен. Өзгөчө токтом м-н бул күндү жыл сайын белгиленүүчү өлдик майрам деп жарыялаган. Съезд жаңы Конституциянын негизинде шайлоолор ж-дө жобону иштеп чыгууну ж-а СССР Жог. Советине шайлоо мөөнөтүн белгилөөнү тапшырган.

СССР СҮРӨТ АКАДЕМИЯСЫ — сов. сүрөт өнөрүнүн көрүнүктүү ишмерлерин бириктирип, атайын ин-ттар аркылуу жалпы союздук маанидеги пед. ж-а илв. из. иштерин жүргүзүүчү жог. илв. мекеме. 1947-ж. Москвада түзүлгөн. Академиянын составында 47 анык мүчө, 76 корр. мүчө (Кырг-ндан Г. Айтиев, 1978), 10 ардактуу мүчө (1978) бар. Академиянын жог. органы — жалпы чогулуш. Сессия аралыгында иштн академиянын Президиуму жүргүзөт. Анын живопись, графика, скульптура ж-а жасалга-колдонмо өнөр бөлүмдөрү бар. Системасында Сүрөт өнөрүнүн теория ж-а тарых илв. из. ин-ту, жог. атайын окуу жайы, илв. китепкана, өнөркана, лабор-ялар иштейт. Ленин ордени м-н сыйланган (1975).

СССР СҮРӨТЧҮЛӨР СОЮЗУ — сүрөтчүлөрдү, иск-во таануучуларды бириктирген ыктыярдуу коомдук чыгармачыл уюм. ВКП(б) БКнын 1932-ж. 23-апрелдеги «Адабият жана көркөм өнөр уюмдарын кайра куруу жөнүндөгү» токтомуна ылайык союздук, автономия респ-каларда, край, область ж-а шаарларда сүрөтчүлөр союзу ар кайсы убакта уюшулган. Союздун милдети — сүрөтчүлөрдүн, иск-во таануучулардын чыг-лык иштерине багыт берип, совет элин идеялык ж-а эстетикалык тарбиялоого көмөктөшүү. 1957-ж. бирдиктүү союз түзүлгөн. Союздун системасына союздук (к. *Кыргызстан сүрөтчүлөр союзу)* ж-а автономия респ-калардын сүрөтчүлөр союзу, о. эле край, обл. ж-а шаардык сүрөтчүлөрдүн жерг. уюмдары кирет. 15770 мүчөсү бар (1978, 1-янв.). Жетекчи органы — Бүткүл союздук съезд (1957, 1963, 1968, 1973, 1977). Съезд аралыгында пленум өткөрүлүп турат. Аткаруу органы — Башкарма ж-а Секретариат. Башкарманын пред-ли — Н. А. Пономарёв (1971-жылдан). Союзга *«Советский художник»* басмасы, СССРдин сүрөт фондусу ж. б. уюмдар кирет. Басма органы — «Искусство», «Творчество», «Декоративное искусство СССР» ж. б. журналдар. Ленин ордени м-н сыйланган (1968). Кырг-ндан 92 адам СССР с. с-на мүчө (1980).

СССР ЭЛ ЧАРБА БАЛАНСЫ — коомдук кайталанма өндүрүш процессин мүнөздөөчү экон. негизги көрсөткүчтөр системасы. Ал — соц. кайталанма өндүрүштүн жыйынтыктарын, ички экон. байланыштын өнүгүү абалын ж-а тенденциясын, тармактык, аймактык ж-а эл чарба пропорцияларын, кайталанма өндүрүш масштабын ж-а темпин ил. талдоодогу синтездик курал ж-а эл чарбасынын келечектеги өнүгүшүнүн бирдиктүү мамл. планын түзүүдөгү негизги метод. Коомдук жалпы продукт балансы ж-а аны пайдалануу СССР эл ч. б-нын биринчи ж-а негизги бөлүгүн түзөт. Мында коомдук продуктунун кыймылы керектөө ж-а топтоо фондусу катары аны пайдалануу көрсөтүлөт. Коомдук продуктуну өндүрүү негизги 2 экон. бөлүккө — өндүрүш каражаттарын өндүрүү (I) ж-а керектөө буюмдарын өндүрүүгө (II) бөлүнөт. I ж-а II бөлүк өз алдынча бир канча тармактарга ажырайт. Эмгек ресурстарынын жыйынтыктоо балансы ж-а аларды пайдалануу — СССР эл ч. б-нын экинчи бөлүгү. Анда эл чарба тармагынын, экон. райондун, респ-канын ж-а областтын ичиндеги жумушчу күчүн пландуу бөлүнүшү каралат. Улуттук кирешө балансында улуттук кирешө соц. ишканалардын ж-а калктын кирешесине бөлүнөт (кымат акы, сыйлык, колхозчулардын, жумушчулардын кирешеси ж. б.). Нарк балансы СССР эл ч. б-нын жалпы системасына кирет. Мында ресурстардын, өндүрүш процессиндеги улуттук кирешенин ж-а жалпы коомдук продуктунун, экон. байланыштардын ж-а пропорциялардын, реализациянын, алгачкы ж-а кайра бөлүштүрүүнүн ж. б. кыймылы акча түрүндө көрсөтүлөт. Калктын акча кирешесинин ж-а чыгымынын балансында элдин бардык акчалай кирешеси, аны чыгымдоо жолдору эске алынат. Бул баланс өлкө, респ-ка, район ж. б-да чекене товар жүгүртүүдө маанини зор.

Мамлекеттин негизги финансы планы — СССР *мамлекеттик бюджети.* Бул нарк балансынын негизги түрү. Мында пландуу акча ресурстарын түзүү ж-а алардын кыймылы, аларды респ-ка ж-а экон. райондордун, эл чарба тармактарынын, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын, өндүрүштүк жө өндүрүштүк эмес чөйрөлөрдүн ортосунда бөлүштүрүү ж-а кайра бөлүштүрүү каралат.


Мамл. бюджет м-н бирге жыйынтыктоо финансы планы (балансы) түзүлүп, соц. мамлекеттеги ж-а соц. ишканалардагы бардык финансы ресурстары ж-а чыгым чагылдырылат.

СССР эл ч. б-нын жыйынтыктоо таблицасында баланстын дээрлик үч бөлүгү жыйынтыкталып, жалпы синтезделет.

Лд.: Методические положения Госплана СССР по составлению планового баланса народного хозяйства СССР и союзных республик, М., 1967 (раздел Плановый баланс народного хозяйства); Курский А. Д., Научные основы и совершенствование системы планирования народного хозяйства СССР, М., 1969.

СССР ЭЛ ЧАРБА ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИНИН КӨРГӨЗМӨСҮ (ВДНХ) — о. ж., курулуш, а. ч., транспорт, мад-т ж-а саламаттык сактоонун жетишкендиктерин көрсөтүүчү дайыма иштөөчү бүткүл союздук көргөзмө. Москвада. СССР Мин. Советинин 1958-ж. 28-майдагы «Бүткүл союздук, өнөр жай, а. ч. ж-а курулуш көргөзмөлөрүн СССР эл чарба жетишкендиктеринин бирдиктүү көргөзмөсүнө бириктирүү жөнүндөгү» токтомуна ылайык уюшулган. Ага ВДНХнын Башкы Комитети жетекчилик кылат. Анын негизги милдети—илимдин, техниканын, мад-т м-н алдыңкы тажрыйбанын жетишкендиктерин кеңири жайылтуу ж-а өндүрүштүн жаңы методдорун үйрөтүү. Көргөзмө 1959-ж. 16-июнда иштей баштаган. 1970-ж. анын аймагында 78 павильон болгон. Көргөзмөгө бардык алдыңкы чарба, ишкана, мекеме, уюм, иштеги көрсөткүчү мыкты адамдар катышат. Алар өз жетишкендиктери м-н алдыңкы тажрыйбасын баяндап турат. Мыкты катышуучулар 1-, 2-, 3-дараж. ардак диплом, диплом м-н, көргөзмөнүн экспонатын түзүүчүлөр ВДНХнын алтын, күмүш, коло медалы ж-а акчалай сыйлык м-н сыйланат. Көргөзмө жылына 4 мицдей ишкана, мекемеге диплом, 60 мицдей катышуучу адиске медаль ыйгарат. Көргөзмөнүн башкы павильону өзгөчө орун ээлейт. Анда СССРдин илим, техника, экономикадагы, эл турмушунун деңгээлин мад-тын жогорулатуудагы ийгиликтери, о. эле эл аралык байланышы көргөзүлөт. Анда жылына 75тей түрдүү, 40ча кочмо көргөзмө ачылат. Көргөзмө м-н кароого 200—300 миң адис катышып, жылына 800—900 илв.-тех. конф-я, семинар, алдыңкы тажрыйба мектеби ж-а курс уюштурулат. ВДНХ да эл аралык көргөзмө да өткөрулүп турат. Жыл сайын 8 млн-дон ашык киши (анын 200 мици чет өлкөлүк) көргөзмөнүн экспонаттары м-н кеңири таанышат. Көргөзмө Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган (1971).

Көргөзмөнүн арх-расын мурунку Бүткүл союздук а. ч. көргөзмөсүнүн пландаштырылышы ж-а курулуштары



түзөт. Көргөзмөнүн планы (долбоордун автору арх. В. К. Олтаржевский) 1939-ж. түзүлүп, 1954-ж. (А. Ф. Жуков ж-а Р. Р. Кликстин жетекчилиги м-н) өркүндөтүлгөн. Атайын жасалгаланган ж-а жашылдандырылган аймакта көргөзмөнүн негизги бөлүктөрүнө ылайык курулуш комплекстери жайгаштырылган. 1955-жылдан кийин көп навильондор кайра курулган.

ССУДА — гражд. укукта акчалай же натуралай карыз берүү келишиминин бир түрү. Мамл. банк, СССРдин ж. б. банктары белгилүү мөөнөткө акча берип, мамл. уюмдарды, колхоздорду ж. б. кооперациялык, о. эле коомдук уюмдарды кредиттейт. Банктар, өз ара жардам кассалары, ломбардлар, чыг-лык союздардын фондулары граждандарга белгиленген тартипте С. берет.


ССУДА КАПИТАЛЫ, насыя капитал — менчик ээси (капиталист) карызга берип, процент түрүндө пайда түшүрүүчү акчалай капитал. С. к. капит. өндүрүш мүнөзүндө пайда болуп, суткор капиталын алмаштырган. С. к-ның булагы — ө. ж. капиталистинин өз капиталын жүгүртүүдөн түшүрүүчү ашык акчалай капиталы; жеке сектордун кирешеси м-н аманаты, капит. мамлекеттин акчалай топтому ж-а *рантье* — акчалуу капиталисттердин капиталы. С. к. — капиталдын эң митекору. Ссудачы капиталист өндүрүш процессине катышпайт, өндүрүштү башкаруудан да четте турат. Бирок артык баш акчалуу капиталист өз капиталын пасыя берип, ортокчу капиталист аркылуу белгилүү өлчөмдө пайда табат да, жалданма жумушчуну эзүүгө катышат. С. к. түрдүүчө пайдаланылат. Айрым үлүшү өндүрүшкө жумшалат, бир бөлүгү баалуу кагаз сатып алууга ж-а мамл. кредит чөйрөсүндө сарпталып, өндүрүмсүз болот.

Лд.: Маркс К., Капитал, т. 3, ч. 1—2, отд. 5, Маркс К., Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 25, ч. 1—2; Красавина Л. Н., Новые явления в денежно-кредитной системе капитализма, М., 1971.

СТАБИЛДЕШТИРҮҮ (лат. stabilis — туруктуу, бир калыпта туруучу) — бекемдөө, бир калыптагы туруктуу абалга келтирүү же ошол абалдын сакталышын камсыз кылуу. Мис., кандайдыр бир процесстин туруктуулугун камсыз кылуу.

СТАБИЛИЗАТОР (лат. stabilis — туруктуу). 1) Электр С-у — электр энергиясын кабылдагычтын киришинде чыңалуунун автоматтык түрдө туруктуу карап туруучу түзүлүш. Иштөө принциби электр тогу пайда кылган феррорезонанс кубулушуна негизделген. 2) Автоматикада — козгогуч таасирлер өзгөргөндө да жөнгө салынуучу чоңдуктарды керектүү тактыкта автоматтык түрдө карап туруучу түзүлүш. 3) Авиацияда — учуучу аппараттын учуудагы туруктуулугун камсыз кылуучу аэродинамикалык бет. 4) Фотографиялык С. — фотография эмульсиясынын эскиришин акырындатуу (жайлатуу) ж-а жарык сезгич материалдарды сактоодо жакшылап чыңөөтөө үчүн колдонулуучу зат. Мында С. катары сыман, алтын, платина ж. б. оор металлдардын комплекстүү бирикмелери колдонулат. 5) Полимер С-у — полимердин эскиришин жайлатуучу зат. Мында С. болуп кычкылдануунун жолто болуучу антиоксиданттар; фотолиз ж-а фотоокистенүүнү басаңдатуучу фотостабилизаторлор ж. б. колдонулат.

СТАБИЛИТРОН [лат. stabilis — туруктуу ж-а *(элек)трон*] — өтүп жаткан тогу өзгөрсө да чыңалуусу анчалык өзгөрбөгөн эки электроддуу газ разрядduу же жарым өткөргүчтүү прибор. С. электр тизмегинин берилген бөлүгүндөгү чыңалууну туруктуу абалда карап туруу үчүн колдонулат. Газ разряддуу С-дун иштөө принциби бүлбүлдөө разряды м-н таанышуу разряддын касиеттерине негизделген. Бүлбүлдөө разряддуу С. көбүнчө жалпак жарык электроаспап же жалпак жарык электрон системасы түрүндө жасалат. Ал бир нече *кн/м²* басымда инерттүү газ



Стабилитронду туташтыруу схемасы: *С*—стабилитрон; $R_б$—балласт резистору; *Uкир.*—стабилденүүчү чыңалуу; *Uчыг.*—стабилденген чыңалуу.

толтурулган баллонго жайгаштырылган. Жарым өткөргүчтүү С.— эки электроддуу кремний прибору. Ал *импульс техникасында* чыңалууну туруктуу чектөө үчүн ж-а бир калыпка келтиргич элемент катары колдонулат.

СТАВЕНКОВ Анатолий Васильевич (3. 12. 1896-ж. т., Могилёв обл., Быхов р-ну, Коснчи кыш. — 5. 1968, Москва) — сов. аскер начальниги, генерал-майор (1943). 1932-жылдан КПСС мүчөсү. Гражд. согуштун катышуучусу. 1919-ж. Урал командирлик курстарды (1924, 1925, 1929), 1940-ж. К. Е. Ворошилов атн. Генштаб академиясынын жог. командирлер составынын курсун бүткөн. 1919-ж. Аткарск ш-нда уюшулган өзүнчө Кыргыз атчандар полкунун 2-эскадронуна командир болгон. 1929-ж. О. Азияда басмачыларга каршы күрөшкөн. 1941-жылга чейин полктун штаб начальниги, 1935—38-ж. 21-тоолук атчандар дивизиясынын кыргыз атчандар полкунун командири, дивизия командирине орун басар. Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) Сталинград, Борб., 1-Белорус фронтторунда атчандар дивизиясына, корпусуна командир. Москва жанындагы салгылашка, Варшава ш-н бошотууга ж. б. операцияларга катышкан. 1946—49-ж. Кыргыз ССРинин, 1949-жылдан Сталинград обл-ным аскер комиссары. 1953-жылдан Белорус аскер округунун, 1955-жылдан аскерлердин Түн. тобунун (Польшада) штаб начальниги, 1957-жылдан запаста. Кырг-н КП (б) БКнын мүчөсү (1938, 1947) ж-а Кыргыз ССР Жог. Советинин (1—2-шайл.) депутаты. Үч Ленин ордени, 5 Кызыл Туу, 2-дараж. Суворов, Кызыл Жылдыз ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

СТАВИЙСКИЙ Виталий Антонович (6. 7. 1936-ж. т., Ош ш.) — геолог, СССР мамл. сыйл. лауреаты (1976). 1968-жылдан КПСС мүчөсү. Фрунзе политех. ин-тун бүткөн (1959). Кыргыз ССР геол. башкармасынын Түй геол. экспедициясында техник-геолог, ст. техник-геолог, геолог, ст. геолог болуп иштеген (1959—65). Геологиялык экспедициянын башкы геологу (1965—73), 1973-жылдан экспедициянын начальниги. Кырг-ндагы жаңы табылган калай кендеринин бири чалгындоого активдүү катышкан. «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

СТАВКА — 1) башкы аскер кол башчы майдан талаасындагы аскерлерди башкарып, белги берер мерчемдүү жерге тигилген кочмо чатырдын орусча аты. 2) Улуу Ата Мек. согуш убагында СССР Куралдуу Күчтөрүнүн Жог. башкы командованиесинин талаа башкармасынын жог. органы (Жог. башкы командачынын ставкасы).

СТАВРОЛИТ (гр. staurós — крест ж-а lithos — таш) — силикаттар класс-ындагы минерал. Хим. составы $Fe^{2+}Al_4[SiO_4]_2O_2(OH)_2$. *Моноклин системасында* кристалланат. Оңу күрөң, айнек сымал жылтырайт. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 7—7,5; салышт.

салы. 3,6—3,7. С. кристаллдуу сланец ж-а гнейстердин составында болот. С-тин сейрек учуроочу тунук кристаллы кооз таш катары пайдаланылат.

СТАВРОПОЛОВКА — Калинин р-нундагы Кара-Суу айыл советине караштуу кыштак. «Ставрополь» с-зунун аймагында. Райондун борбору ж-а т. ж. станциясы Кара-Балта ш-нан 22 *км* түп. тарапта. Калкы 587 (1979). Сегиз жылдык мектеп, китепкана, фельдшер-акушердик пункт бар. С. 1912-ж. орношкон.

СТАВРОПОЛЬ (1935—43-ж. — Ворошиловск) — РСФСРдин Ставрополь крайынын борбору, шаар. Автомобиль жолдор тоому, т. ж. станциясы. Калкы 260 миң (1979). Машина куруу, химия, тамак-аш, жеңил ж. б. өнөр жай ишканалары бар. Шаарда политех., а. ч., мед. ж-а пед. ин-ттар, Москва кооперация ин-тунун бөлүмү, 4 техникум, бир нече ил. пз. ин-ттар бар. С. эмгекчилеринин фашист немец баскынчыларына каршы согушта көрсөткөн эрдиктери, эмгектеги ийгиликтери жогору бааланып ж-а шаардын 200 жылдыгына байланыштуу Октябрь Революциясы ордени м-н сыйланган (1977). С. 1777-ж. негизделген.

СТАВРОПОЛЬ ДӨҢСӨӨСУ — Кавказ өндүрүнүн (Предкавказье) борб. бөлүгүндөгү плато сымал дөңсөө. РСФСРдин Ставрополь крайында. Бийикт. 300—600 *м* (эң бийик жери — 831 *м*, Стрижамент чокусу). Дарыялардын жазы ороондору, коо-колоттор м-н тилмеленген. Чопо, кумдук, аки таш тектеринен турат. Талаа бөлүгү айдалган; көтөрүңкү жерлерине токойлуу талаа (жазы жалбырактуу токой аралаш) ландшафты мүнөздүү.

СТАВРОПОЛЬ КОЮ — уяң жүндүү кой породасы. Ставрополь крайынын «Советское руно» асыл тукум з-дунда жаңы кавказ мериностору америка рамбулъеси ж-а грозный породасы м-н аргындаштырылып чыгарылган (1923—50). С. к. сапаттуу жүнү м-н айырмаланат. Кочкорунан 14—19, айрымынан 25, соолугунан 7—8, кээ биринен 13 *кг* жүн кыркылат. Жүнү коюу, чыйрак, тегиз, жылтыр; уз. 8—10 *см*. Кочкорунун тирүү салм. 100—



115, соолугу 50—55 *кг*. 100 тубар койдон 120—140 козу алынат. Бул кой кургакчыл райондорго байырлаштырылган. Порода улуң жүндүү койлордун жүнүнүн сапаттуулугун арттыруу үчүн пайдаланылат. Түп. Кавказ, Төмөнкү Волга бою р-ндорунда асыралат.

СТАВРОПОЛЬ КРАЙЫ РСФСРде. 1924-ж. 13-февралда түзүлгөн. Аянты 80,6 миң км². Калкы 2539 миң (1979). 34 район, 20 шаар, 16 ш. т. посёлка бар. Составына Карачай-Черкес АОсу кирет. Борбору — Ставрополь ш. Край Ленин ордени м-н сыйланган (1958).

С. к. *Кавказ өндүрүнүн* борб. бөлүгүндө ж-а *Кавказдын* түп. капталында жайгашкан. Борб. бөлүгүн Ставрополь дөңсөөсү, түндүгүн Кума-Маныч ойдуңу, чыгышын Терек-Кума ойдуңу ээлейт. Кен байлыктары: газ, нефть, жез, полиметалл, таш көмүр ж. б. Климаты континенттик. Январдын орт. темп-расы — 4... —5°С (тоолордо —10... —20°С), июлдуку 22—25°С. Жылдык жаан-чачыны 500—2000 *мм*. Ири дарыялары: Кубань, Егорлык, Калаус, Кума. Кара, коңур ж-а боз топурак басымдуу. Түзөң бөлүгүндө дандуу ж-а шыбактуу талаа, Ставрополь дөңсөөсүндө жазы жалбырактуу токой (эмен, граб ж. б.), шалбаалуу талаа өсүмдүктөрү өсөт. Тоо бөлүгүнүн топурагы ж-а өсүмдүгү



Минеральные Воды р-нундагы Карл Маркс атн. колхоздо буудай жыйноо.

бийиктик б-ча өзгөрөт: талаа (500 *м*ге чейин), токойлуу талаа (500—900 *м*), жазы жалбырактуу (эмен, бук) токой (800—1100 *м*), ийне жалбырактуу (пихта, карагай, мырза карагай) токой (1100—2000 *м*), шалбаалуу альп ж-а субальп. Жаныбарлары: карышкыр, түлкү, доңуз, күрөң аюу, сүлөөсүн, жейрен, тур ж-а канаттуулар.

Орус (83,4%, 1970), украин, армян, грек, белорус, карачай, черкес, абаза, осетин, кабарда ж. б. улуттар жашайт. Орт. жышт. 1 км²ге 31,5 киши. Шаар калкы 50% (1979). Шаарлары: Ставрополь, Пятигорск, Невинномысск, Кисловодск, Черкесск, Ессентуки, Минеральные Воды ж. б.

С. к-на *Түндүк Кавказ экономикалык районунун* ө. ж. продукциясынын 16% туура келет. Электр станцияларынын жалпы кубаттуулугу 2240 *Мвт*. Невинномысск, Ставрополь ГРЭСтери бар. Машина куруу ж-а металл иштетүү («Пятигорсксельмаш», арматура, муздаткыч, автомобиль чиркегич жасоочу ж. б. з-ддор), химия (жер семирткич, хим. ж-а радио тех. буюмдар ж. б.), курулуш материалдар ж. б. өнөр жай ишканалары иштейт. Тамак-аш (эт, ун тартуу, май, сыр, сүт, шараң ж. б.) ж-а жеңил (текстиль, бут кийим, тигүү ж. б.) ө. ж. өнүккөн. Жер фондусу 7128,5 миң *га*, анын 60,7% айдоо, 25,5% жайыт, 4,9% чабынды жерлер. Буудай, жүгөрү, арпа, кара буудай, кара күрүч, күн карама, кант кызылча, тоют өсүмдүктөрү ж. б. өстүрүлөт. Жашылча-жемиш өстүрүү маанилүү орунда. 1978-ж. 1400 миң уй, 950 миң чочко, 6424 миң кой, эчки болгон. Автомобиль жолунун уз. 11,5 миң *км*, т. ж. 846 *км* (1978). 1978—79-окуу жылында 881 жалпы билим берүүчү мектеп, 30 кесиптик, 29 атайын орто, 7 жог. окуу жайы болгон. Бир нече ил. пз. ин-ту, СССР ИАнын обсерваториясы, 1240 китепкана, 5 музей, 4 театр ж. б. маданий агартуу мекемелери бар. Крайлык «Ставропольская правда» (1917-жылдан), «Молодой ленинец» (1934), «Кавказская здравница» (1960) газеталары чыгат. 1979-ж. 27,9 миң орундуу 240 ооруканада 9,8 миң врач иштеген. Крайда *Кавказ Минералдуу суулары* ж-а Теберда курорттору, санаторийлер, пансионаттар ж. б. бар. Туризм өнүккөн.

Ад.: Гниловской В. Г., Бабенышева Т. П., География Ставропольского края, 3 изд., Ставрополь, 1972; Антыков А. Я., Стоморев А. И., Почвы Ставрополья и их плодородие, Ставрополь, 1970; Экономические проблемы развития сельского хозяйства Ставрополья, Ставрополь, 1972.

СТАДИОН (гр. stádion — таймашуулар үчүн орун) — футболдук талаа, көрүүчүлөр үчүн трибуна, спорттук оюндар үчүн алаңчалар, кошумча курулмалары ж-а. имараттары бар спорт комплекси. Азыркы С-дордун прототиби — Грециянын Олимпия, Афины, Дельфы ш-ларындагы олимпиялык оюндарды өткөрүүгө арналып салынган С-дор. С.—мелдеш өткөрүүчү гана жай болбостон, деп соолукту чыңдоо ж-а спорттун ар кандай түрү б-ча окуу-машыгуу өткөрүүчү комплекстүү курулма. СССРде эң ири С-дор: Москвадагы В. И. Ленин атн., борб., «Динамо», Ленинграддагы С. М. Киров атн. ж. б. Кырг-ида 22 С. бар (1977). Респ-калык «Спартак» С-унун трибуналарына 25 миңдей көрүүчү батат. Ош ш-ндагы С. 15 миң кишиге эсептелген.

СТАДИЯ [гр. stádion — стадий (узундук чени)] — тигил же бул персенин өнүгүшүндөгү өзүнө таандык сапаттык белгилери бар бир баскыч (мезгил, этап).

СТАЖ, к. *Эмгек стажы*.

СТАЛАГМИТ (гр. stalagma — тамчы) — карст үңкүрүнүн таманынан үстүн көздөй конус, шиш, мамы, упчу түрүндө салааланып турган минерал зат. Бикарбонат кальций эриндисинин үңкүрдүн тобосунон тамыгынан пайда болот, к. *Сталактит*.

СТАЛАКТИТ (гр. stalaktós — тамчылап агуу)—карст үңкүрүнүн тобосунон мамы, упчу, шиш түрүндө самсаалап турган минерал зат (к. сүрөт). Карбонат тектеринде сиңген кыртыш суулары туруксуз бикарбонат



Сталактит м-н сталагмиттер.

кальций [$Ca(HCO_3)_2$] эриндисин пайда кылат. Ал үңкүрдүн тобосунон тамчылап чуурганда көмүр кычкыл газы озунчо болуңуп, эриндн самсаалаган арагонит түрүндөгү минерал затты (сталактитти) пайда кылат.

СТАЛИН (Жугашвили) Иосиф Виссарионович [9(21). 12. 1879, Тифлис губ., Гори ш. — 5. 3. 1953, Москва]—Советтер Союзунун Коммунистик партиясынын, Совет мамлекетинин, эл аралык коммунисттик ж-а жумушчу кыймылынын жетекчи ишмерлеринин бири, марксизм-ленинизмдин коруңуктүү теоретиги ж-а пропагандисти. 1898-жылдан КПСС мүчөсү. Отүкчүнүн үй-бүлөсүнөн. 1894-ж. Горидеги дин окуу жайын бүтүрүп, Тифлис православие семинариясына кирген. Закавказьедеги орус марксчыларынын таасири м-н рев-ячыл кыймылга аралашып, жашырын ийримдерде маркстик ад-ттар м-н таанышка баштаган. «Месаме-даси» с.-д. тобунда жүрүп, Тифлис т. ж. устаканаларында жумушчуларга маркстик идеяларды пропагандалаган. 1899-ж. рев-ялык иштер үчүн семинариядан куулгандан кийин жашырын абалга отүп, рев-ячыл ишти кесип кылып алган. РСДРПнин Тифлис, Кавказ союзу ж-а Баку комитеттеринин составына кирип, «Брдзола» («Күрөш»), «Пролетариатис Брдзола» («Пролетариат күрөшү»), «Бакинский пролетарий», «Гудок», «Бакинский рабочий» газеталарын чыгарууга, Закавказьедеги 1905—07-жылдардагы рев-ляга активдүү катышкан. РСДРП түзүлгөндөн рев-ячыл марксчыл партияны чыңдоо б-ча Лениндин идеяларын кубаттап, пролетариаттын тап күрөшүндөгү большевиктик стратегия м-н тактиканы жактап, большевизмдин ишенчиликтүү тарапкери болуп, меньшевиктер м-н анархисттердин рев-ядагы оппортун. линиясын ашкерелеген. РСДРПнин Таммерфорстогу (1905) 1-конф-ясынын ж-а 4-(1906), 5-(1907) съезддеринин делегаты.

Подпольедеги рев-ячыл иштерде жүргөн мезгилде бир нече жолу камакка алынып, сүргүнгө айдалган. РСДРПнин бүткүл россиялык 6-(Прага) конф-ясы шайлаган БКнын 1912-ж. январдагы заседаниесинде БКнын составына сырттан кооптацияланып, БКнын Орус бюросуна киргизилген. 1912—13-ж. Петербургда иштеп, «Звезда» ж-а «Правда» газеталарын чыгарышкан. РСДРП БК өткөргөн парт. кызматкерлердин Краковдогу (1912) кеңешмесине катышкан. «Марксизм жана улут маселеси» эмгегинде улут маселесинин лениндик принциптерин түшүндүрүп, оппортун. «маданий-улуттук автономия» программасын сынга алган. 1913-ж. февралда С. кайрадан камакка алынып, Турухан крайына айдалган.

Жеке бийлик кулатылгандан кийин 1917-ж. 12(25)-мартта С. Петроградга кайра келип, РСДРП(б) БКнын Бюросунун составына ж-а «Правданын» редакциясына киргизилген, парт. иштерди жаңы шартта кеңири жайылтууга активдүү катышкан. Бурж.-демокр. рев-ялын соц. рев-яга өсүп чыгышы ж-дөгү Лениндик багытты колдогон. РСДРП(б)нин бүткүл россиялык 7-(Апрель) конф-ясында БКнын мүчолүгүнө шайланган (ошондон 20-съездге чейинки бардык съезддерде партиялын БКсынын мүчолүгүнө такай шайланып келген). РСДРП(б)нин 6-съездинде БКнын таптырбуусу б-ча БКнын саясий отчётун окуп, саясий абал ж-дө доклад жасаган.

С. Улуу Окт. соц. рев-ясын даярдоого ж-а ишке ашырууга активдүү катышкан: БКнын Саясий бюросунун, кыралдуу которулушко жетекчилик кылуу б-ча парт. органы болгон Аскердик-рев-ялык борбордун, Петроград Аскердик-рев-ялык комитеттин составына кирген. 1917-ж. 26-октябрда (8-ноябрь) Советтердин бүткүл россиялык 2-съездинде Совет өкмөтүнүн составына шайланып, улут иштери б-ча эл комиссары (1917—22) болгон, о. эле 1919—22-ж. Мамл. контроль эл комиссариатына (1920-жылдан ЖДИ — Жумушчу-Дыйкан Инспекциясына) башчылык кылган. Граждсогуш ж-а чет элдик интервенция (1918—20) мезгилинде С. РКП(б) БКнын ж-а Совет өкмөтүнүн бир катар жооптуу тапшырмаларын аткарган: Респ-канын Рев-ялык Аскер Советинин мүчөсү, Петроградды коргоону уюштуруучулардын бири, Түш., Батыш ж-а Түш.-Батыш фронтторунун Рев-ялык аскер советинин мүчөсү, Жумушчу-дыйкан коргонуу советинде ББАКтын өкүлү болуп, С. өзүн аскердик-саясий иштер б-ча парт. мыкты кызматкер катары көрсөтө алган. С. Гражд. согуш бүткөндөн кийин эл чарбасын калыбына келтирүүгө, жачарбасын калыбына келтирүүгө, жаңы экон. саясатты жүзөгө ашыруугa, жумушчу табы м-н дыйкандардын союзун чыңдоого активдүү катышкан. Троцкий партияга таңуулаган профсоюз ж-дөгү талкуу убагында соц. курулуштагы профсоюздун ролу ж-дөгү Лениндин платформасын коргогон. РКП(б)нин 10-съездинде (1921) «Улут маселеси боюнча партиянын кезектеги милдеттери жөнүндө» доклад жасаган. 1922-ж. апрелдеги БКнын Пленумунда БКнын Ген. секретарлыгына шайланып, ал кызматта өмүрүнүн акырына чейин иштеген.



И. В. Сталин.

С. улуттук-мамл. курулуш жагындагы жетекчи кызматкерлердин бири катары ССР Союзун түзүүгө катышкан. Бул жаңы татаал маселени чечүүнүн алгачкы учурунда жаңылыштык кетирип, «автономиялаштыруу» (бардык респ-каларды автономия укугунда РСФСРге кийрүү) долбоорун сунуш кылган. Ленин бул долбоорду сынга алып, тең укуктуу респ-калардын ыктыярдуу союзу формасындагы бирдиктүү союздук мамлекет түзүү планын негиздеген. С. айтылган сынды эске алып, Лениндин идеясын толугу м-н колдогон ж-а РКП(б) БКнын ташпыруусу б-ча Советтердин бүткүл союздук 1-съездинде (1922, дек.) ССР Союзун түзүү ж-дө доклад жасаган.

Партиянын 12-съездинде (1923) БКнын иши ж-дө уюштуруу отчёту м-н чыгып, о. эле «Партиялык жана мамлекеттик курулуштагы улуттук кырдаалдар» деген доклад жасаган.

В. И. Ленин 1922-ж. 25-декабрда жазган катында С-ди партиянын коруңуктүү ишмерлеринин бири катары эсептеп, ошону м-н бирге Ген. секретарь катары С-дин колуна оңсуз зор бийлик тийгенин белгилеп келип, аның ошол бийликти дайыма кылдат пайдалана аларына күмөн санаган (Чыг., кырг. 1-бас., 36-т., 649-б.). Ленин өмүр катына кошумчалап, 1923-ж. 4-январда С-дин оройлугун, коммунисттердин өз чөйрөсүндө ж-а өз ара карым-катнашында элес албай эле коюучу аның бул кемчилиги Ген. секретарлык кызматына таптакыр коошпой турганын белгилеп, С-ди бул орундан которуу жолун ойлонуп көрүү жагын, ал орунга С-ден сабырдуураак, калысыраак, сылыгыраак, жолдошторуна жапакечирээк, чыргоолугу азыраак ж. б. каснети м-н айырмаланган башка адамды дайындоо жагын сунуш кылган (ошондо эле, 650-б.).

РКП(б) БКнын чечимине ылайык Лениндин каты м-н РКП(б)нин 1924-ж. майда өткөн 13-съездинин бардык делегаттары таанышкан. Өлөөрү менен татаал кырдаал, троцкизм м-н таймаш күч алып турганы эске алынып, С-ди БКнын Ген. секретарлык кызматында калтыруу максатка ылайык деп табылган, бирок ага Ленин айткан сынды эске алышы ж-а андан тиешелүү жыйынтык чыгарыш керектиги эскертилген.

В. И. Ленин өлгөндөн кийин С. КПССтин саясатын, чарб. ж-а маданий курулуш пландарын, өлкөнүн коргонуу мүмкүнчүлүктөрүн чыңдоо чараларын ж-а партия м-н Совет мамлекетинин тышкы саясат жүргүзүү багытын иштеп чыгууга ж-а ишке

ашыруурга активдүү катышкан. Партиянын башка жетекчи иштмерлери м-н бирге ленинизмдин душмандарына каршы элдешпес күрөш жүргүзгөн, троцкизмди ж-а оңчул оппортунизмди идеялык-саясий талкалоодо, Ленин диндин СССРде социализм жеңиши мүмкүн экени ж-дегу илимин коргоодо, партиянын биримдигин чыңдоодо зор роль ойногон. Ленин диндин идеялык мурастарын пропагандалоодо С-дин «Ленинизмдин негиздери жөнүндө» (1924), «Троцкизмби же ленинизмби?» (1924), «Ленинизм маселелерине карата» (1926), «Дагы бир жолу партиябыздагы социал-демократиялык уклон жөнүндө» (1926), «ВКП(б)деги оңчул уклон жөнүндө» (1929), «СССРдеги агрардык саясат маселелерине карата» (1929) ж. б. эмгектери зор мааниге ээ болгон.

Коммунисттер партиясынын жетекчилиги м-н совет эли социализмди куруунун лениндик планын жүзөгө ашырды. Татаал ж-а дүйн. тарыхый мааниси эбегейсиз зор рев-ялык кайра түзүүлөрдү жасады. Бул маселелерди чечүүдө партия ж-а Совет мамлекетинин башка жетекчи иштмерлери м-н бирдикте С. да жеке ири салым кошту. Социализмди куруунун эң маанилүү маселеси индустриялаштыруу болгон, анткени ал өлкөнүн экон. өзүнчөлүгүн, эл чарбасынын бардык тармактарынын, Совет мамлекетинин коргонуу мүмкүнчүлүгүнүн тех. реконструкцияланышын камсыз кылган. Рев-ялык кайра түзүүлөрдүн эң татаал ж-а кыйын маселеси а. ч-ны соц. негизде кайра куруу болгон. А. ч-ны коллективдештирүүдө каталар ж-а аша чабуулдар кетирилген. Бирок С-дин катышуусу м-н партия кабыл алган чечкиндүү чаралардын натыйжасында ал каталар өз убагында оңдолгон. Улуу Ата Мек. согуш (1941—45) жылдарында СССРди коргоону чыңдоо ж-а фаш. Германия м-н милитаристтик Японияны талкалоону уюштуруу б-ча партиянын көп тармактуу ш-аракетине С. жетекчи катары катышкан.

Гитлердик Германиянын СССРге кол салуу мүмкүндүгүнүн мөөнөтүн аныктоодо С. жаңылыштык кетирген. 1941-ж. 6-майда ал СССР ЭКСтин (1946-жылдан СССР Мин. Советинин), 1941-ж. 30-июнда Мамл. Коргоо Комитетинин Пред-ли, 19-июлда СССР Коргоо Эл Комиссары, 8-августа СССРдин Куралдуу Күчтөрүнүн Жог. Башкы командачысы болуп дайындалган. Совет мамлекетинин башчысы катары үч державанын — СССР, АКШ ж-а Улуу Британия жетекчилеринин Тегеран (1943), Крым (1945) ж-а Потсдам (1945) конф-яларына катышкан.

Согуштан кийинки мезгилдерде С. партиянын БКсынын Ген. секретары ж-а СССР Мин. Советинин Пред-ли болуп иштей берген. Бул жылдары партия ж-а Совет өкмөтү эл чарбасын калыбына келтирүү ж-а аны андан ары өнүктүрүүгө, СССРдин, дүйн. соц. системанын эл аралык позициясын чыңдоого, эл аралык жумушчу ж-а коммунисттик кыймылды, колон. ж-а көз каранды өлкөлөрдөгү элдердин бошт. күрөштөрүн колдоо, дүйнө элдеринин коопсуздугун ж-а тынчтыгын камсыз кылуу б-ча зор иштер иштеген.

С-дин ш-аракетинде жакшы жактары м-н бирге кээ бир теориялык ж-а саясий каталар орун алган, аны мүнөздөгөн айрым белгилер да тескери таасир тийгизген. Ленинсиз иштеген алгачкы жылдарда ал өзүнө карата айтылган сын пикирлер м-н эсептешсе, кийинчерээк коллективдүү жетекчиликтин ж-а парт. турмуштун лениндик нормаларынан акырындан четинен отуруп, партия м-н элдин пайгиликтеринде жеке өзүнүн салымын ашыра баалай баштаган. Бара-бара С-дин керт башына сыйынуу калыптанып, ал соц. закондуулуктун орой бузулушуна алып келип, партиянын ш-аракетине, коммунисттик курулушка олуттуу залака тийгизген.

КПССтин 20-съезди (1956) жеке адамга сыйынуунун марксизм-ленинизм духуна, соц. коомдун табиятына жат көрүнүш катары айыптаган. КПСС БКнын 1956-ж. 30-июндагы «Жеке адамга сыйынуунун жана аның кесепетин жоюу жөнүндөгү» токтомуна партия С-дин ш-аракетине бардык жактан объективдүү баа берип, жеке адамга сыйынуунун катуу сынга алган. Жеке адамга сыйынуу сов. түзүлүштүн соц. мацызын, КПССтин маркстик-лениндик мүнөзүн ж-а лениндик багытын өзгөрткөн жок, өзгөртө да алмак эмес, совет коомунун өнүгүшүнүн закон ченемдүү жүрүшүн токтотуп кала алган жок. Партиябыз парт. турмуштун лениндик нормаларын ж-а парт. жетекчиликтин принциптерин калыбына келтирүүнү ж-а аны андан ары өнүктүрүүнү камсыз кылуучу чаралар системасын иштеп чыгып, жүзөгө ашырды.

С. 1919—52-ж. ВКП(б) БКнын Саясий бюросунун, 1952—53-ж. КПСС БКнын Президиумунун мүчөсү, 1925—43-ж. Коминтерндин Аткаруу комитетинин мүчөсү, 1917-жылдан ББАКтын, 1922-жылдан СССР БАКтын мүчөсү, СССР Жог. Советинин (1—3-шайл.) депутаты болгон.

С-ге Соц. Эмг. Баатыры (1939), Сов. Союз. Баатыры (1945), Сов. Союз. Маршалы (1943) наамдары, Сов. Союз. Генералиссимусу (1945) деген эң жог. аскердик наам берилген. Ал үч Ленин ордени, 2 Жеңиш, 3 Кызыл Туу, 1-дараж. Суворов ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. Соогу Кызыл аянтка коюлган.

Эмг.: Чыг., 1—13-т., Фр., 1949—53; Ленинизм негиздери тууралуу. Ленинизм маселелерине карата. Фр., 1950; Советтер Союзунун Ата Мекендик Улуу согушу тууралуу. [Докладдар жана приказдар], Фр., 1950; Марксизм жана тил илиминин маселелери (жыйнак), Фр., 1950; СССРде социализмдин экономикалык проблемалары. Фр., 1953.

Ад.: XX съезд КПСС. Стенографический отчёт, т. 1—2, М., 1956; Постановление ЦК КПСС «О преодолении культа личности и его последствий». 30 июня 1956 г., в кн.: КПСС в резолюциях и решениях съездов, конференций и пленумов ЦК, т. 7, 8 изд., М., 1971; История КПСС, т. 1—5, М., 1964—70; КПСС таблицы, Фр., 1971.

СТАЛИНГРАД — *Волгоград* ш-ның 1925—61-жылдардагы аты.

СТАЛИНГРАД САЛГЫЛАШЫ (1942—43) — сов. аскерлердин Улуу Ата Мек. согуш (1941—45) мезгилиндеги 1942-ж. 17-июлдан 1943-ж. 2-февралга чейин Сталинградды коргоо ж-а Дон м-н Волга д-ларының ортосунда фашист немец аскерлердин топтоштурулган ири күчүн талкалоо үчүн жүргүзгөн согуш аракеттери. Фашист немец командованиеси Европада экинчи фронттун жоктугунан пайдаланып, 1942-ж. жайга карата совет-герман фронтунун түштүгүндө жаңы чабуул даярдаган. Бул жерде фаш. аскерлердин саны Батыш Европадан которулган армиялардын эсебинен көбөйүп, Совет-Германия фронтундагы фаш. жоо аскерлер м-н атчандардын 37%ин, танкалуу ж-а моторлошкон бириккмелердин 53%ин түзгөн. Душман 1942-ж. июлдун ортосунда чабуулга өтүп, Кавказдын нефтилүү жерлерин, Дондун, Кубандын, Түн. Кавказ м-н Төменкү Волганын а. ч-луу аймактарын басып алууну ж-а СССРдин Кавказ м-н байланышын үзүп, Түркияны СССРге каршы согушка кируугө мажбурлоо максатын көздөгөн. Сов. аскерлердин коргонуу согушу 17-июлда Дондун имерилишинен башталып, төрт айга созулган. Бул салгылашта сов. аскерлер душманды чоң жоготуулларга учуратып, анын чабуулун токтотуп, контрчабуулга өтүүгө шыгайлуу шарт түзгөн. Түш.-Батыш (генерал Н. Ф. Ватутин) ж-а Дон (генерал К. К. *Рокоссовский)* фронттору 19-ноябрда Калач ш. багытында, Сталинград фронту (генерал А. И. *Еременко)* 20-ноябрда Советский хутору багытында чабуулга өткөн. Сов. аскерлер душман коргонуусун бузуп өтүп, 23-ноябрда Калач ш-ның аймагында биригип, фашист немец аскерлердин топтоштурулган ири күчү — 6-армияны, 4-танкалык армиянын бир бөлүгүн, жалпы алганда 300 миңден ашуун адамы бар 22 дивизияны курчоого алган. Сов. аскерлер 23—30-ноябрда курчоо аймагын кеңейтүү үчүн согушкан. 1942-ж. 12-декабрда немец командованиесинин кайрадан түзгөн «Дон» армиясы курчоодогу топтоштурулган күчүн бошотуу максатында Котельников аймагында чабуулга өткөн. Айлыгышкан салгылашта бул аракет сов. аскерлер тарабынан үзгүлтүккө учуратылган. 16-декабрда Түш.-Батыш фронтүн аскерлери 8-италян армиясына сокку уруп, 24-декабрда аны толук, «Дон» армиясынын сол тарабын талкалаган. 1943-ж. 10-янв. — 2-февралдын аралыгында Дон фронтунун аскерлери Сталинград аймагында курчоого алынган топтоштурулган душман күчүн талкалап,

туткунга алган. Сов. аскерлердин Сталинград жанындагы жеңиши Улуу Ата Мек. ж-а экинчи дүйн. согуштун жүрүшүндө түп-тамырынан берки бурулуштун башталышы болгон.

Ад.: Вторая мировая война 1939—1945 гг., под общ. ред. С. П. Платонова, М., 1958; Жуков Г. К., Воспоминания и размышления, М., 1969; Василевский А. М., Дело всей жизни, М., 1973.

СТАЛЬСКИЙ СУЛЕЙМАН — лезгин совет ашугу, к. *Сулейман Стальский.*

СТАМБУЛ — Турциядагы шаар, Стамбул илинин (округунун) админ. борбору. Босфор кысыгынын ойүз-бүйүзүндө; негизги бөлүгү Европада, азы Азияда жайгашкан. Аянты 285,4 км², калкы 2,8 млн-дон ашык. Кара ж-а Жер Ортолук деңиздерди туташтыруучу суу жолу м-н Түш.-Чыгыш Европадан Батыш Азияга баруучу жолдордун тоому. Эл аралык маанидеги аэропорту бар.

С-ду рим императору Константин I 324—330-ж. Босфор кысыгынын европ. жээгиндеги Византий ш-ның ордунда негиздеген (аның атынан Константинополь аталган). Ал Рим империясы кулаган (395) соң Византия империясының борборуна айланган. Константинополь 11-к-га чейин өлкөнүн саясий ж-а экон. борбору болуп, 12-к-дан начарлай баштаган, 1204-жылдагы 4-крест казатынан кийин Латын империясының борборуна айланып (1204—61), 15-к-да экон. жактан начарлаган, 1453-ж. түркстор каратқан соң С. аталып, 1923-жылга чейин Осмон империясының борбору. 19—20-к-да С. ж-а Кара деңиз кысыктары — Батыш европ. державалар м-н Россия ортосундагы күрөштүн объектиси. С-да 20-к-дын башында жумушчу уюмдар, 1918-ж. коммунистик топ пайда болгон. 1918—23-ж. аны Антанта аскерлери оккупацияланган. 1923-жылдан Түркиянын борбору Анкарага көчүрүлгөн.

С. — ири ө. ж. (2,2 миңден ашык ишкана), соода ж-а маданий борбор. Негизги ө. ж. ишканалары: тамак-аш (ун тартуу, эт, сүт, кондитер, шарап, тамеки), текстиль, тигүү, булгаарыбут кийим, полиграфия, химия, цемент, машина куруу (кеме куруу, электр-тех. ж. б.), жыгач иштетүү ж. б.

Шаар курулуштары 3 доордун архрасын камтыйт. Византия мезгилинен дубал калдыктары, император сарай комплекси, ипподром, диний сыйынуучу жайлар, айрыкча мечиттер: ыйык Иоанна Студита базиликасы (Эмир Ахор-жамиси; 5-к.), ыйык Ирина (532; 6—8-к-да кайра курулган), ыйык Феодосия (Гюль-жами; 9-к-дын 2-жарымы), ыйык Фёдор (Килисе-жами; 11-к-дын 2-жарымы — 14-к.) ж. б. чиркоолору, София храмы; Пантократор храм комплекси (Зейрек-жами; 12-к.) ж. б. сакталган. О. кылымда Румелихисари (1452), Едикуле (1455) сепилдери; Шахзаде (1548, арх. Синан), Баязид (1497—1503 же 1505, арх. Кемаледдин), Сулайман (1550—1557, арх. Синан), Ени-жами (1597—1663) ж. б. мечиттер, гражд. курулуштар ж-а фонтандар курулган. Жаңы мезгилде (18-к-дан тартып) С. арх-расында батыш-европ. стиль таралып, 19-к-да эклектика, ал эми 20-к-да функционализм духундагы имараттар тургузулган. 1950-жылдардан баштап кайра куруу иштери жүргүзүлүп, турак жай курулуштары салынган. Ири админ. ж-а коомдук имараттар — муниципалитет (1956—61, арх. К. Хозмейстер), Хилтон отели (1954, арх. Седат Хаккы Эльдем) ж. б. салынган.

С-да ун-ттер, Стамбул экон. ж-а соода академиясы, Асем өнөр академиясы, консерватория ж. б. жог. окуу жайлары, ил. коомдор, китепканалар, музейлер, театрлар иштейт.

Ад.: Юсупов А. Р., Стамбул, М., 1970.

СТАМБУЛ УНИВЕРСИТЕТИ — Түркиянын байыркы ун-ттеринин бири. 1453-ж. негизделген. 20-к-га чейин мусулмандардын жог. мектеби болгон. Түркия респ-ка болуп жарыяланган-дан (1923) тоболдордуку болуп кайра түзүлгөн (1927—33). 1975-ж. С. ун-тинде 11 ф-тет болгон. Китепканасында 250 миңден ашык китеп бар. 1974—75-окуу жылында 35 миңден ашык студент окуп, 1,4 миң проф. ж-а окутуучу иштеген.

СТАН — 1) 11—17-к-да Рустагы аскерлер лагери. Ал дөбөчөгө курулуп, айланасы ач, чуңкур ж-а тосмолор м-н курчалган. 2) Рев-яга чейинки Россиядагы уезддин админ. борбору. С-да феодалдар салык чогултуп, сот ж. б. иш жүргүзгөн. 3) 1837-жылдан уездде полициялык аймактык бирдик. 4) Айыл чарба өнөктүгү жүрүп жаткан кезде колхозчулардын эс алышы үчүн атайын жасалган жай. 5) Жүргүнчүлөрдүн узак убакыт токтоочу жайы. 6) Мекен, өлкө (мис., Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан).



Стамбул ш-ның жалпы көрүнүшү.

СТАНДАРТ (англ. standard — норма, үлгү, чен) — башка объектилер м-н салыштыруу үчүн негиз катары каралып алынуучу үлгү, эталон, модель; стандартташтырылуучу объектиге карата нормалардын, эрежелердин, талаптардын комплектисин белгилөөчү органдар бекиткен тех. документ. С. адам эмгектенген тех. документ. С. адам эмгектенген бардык тармакка — илимге, техникага, курулушка, саламаттык сактоого, транспортко ж. б. таралат. С. колдонулган ж-а бекитилген чөйрөсүнө жараша төмөнкү категорияларга бөлүнөт: мамл. С. (ГОСТ); тармактык С. (ОСТ); союздук респ-калардын респ-калык С-ы (РСТ); ишканалар м-н бирикмелердин С-ы (СТП). СССРде, о. эле СЭВдин С-ы да колдонулат. С. м-н катар продукциянын конкреттүү типтерине, маркаларына, артикулдарына карата тех. шарттар колдонулат. Бардык С. илимдин, техниканын, өндүрүштүн жетишкендиктерине ылайык дайыма кайра каралып, жаңыртылып турат. СССР мамл. стандартынын билдирүү пускаларында ж-а жылдык пускаларында С. ж-дегу бардык билдирүүлөр жарыяланат.

СТАНДАРТТАШТЫРУУ — стандарттты бекитүү ж-а колдонуу процесси. С. объектиси — илим, техника, о. ж. жана а. ч. өндүрүшү, курулуш, транспорт, мад-т, саламаттык сактоо ж. б. эл чарба тармактарында, о. эле эл аралык соодада пайдаланылуучу белгилүү продукция, нормалар, талаптар, терминдер, белгилер ж. б. С. өндүрүштүн деңгээлине ж-а өнүгүү темпине таасир тийгизет. СССРдеги С.— эл чарбасын башкаруу ж-а пландоо системасы м-н тыгыз байланыштуу ж-а мамл. тех. саясатынын элементтеринин бири. С. б-ча алгачкы документ — РСФСР ЭКСтин 1918-ж. 14-сентябрдагы «Эл аралык өлчөм жана салмак чен системасын киргизүү жөнүндөгү» декрети. 1925-ж. СССР ЭКСи С. б-ча комитет түзүү ж-дө чечим кабыл алган. СССРдеги С-нун негизги максаты — продукция, сырьё, материал, чала фабрикат ж-а комплекттоочу буюмдардын тех. деңгээли м-н сапатына коюлган талаптарды белгилөө, продукция чыгаруу ж-а долбоорлоо б-ча нормаларды, талаптарды ж-а ыкмаларды бекитүү ж. б. СССРде С. б-ча атайын ГОСТтор колдонулат. СССРде ө. ж. продукцияларынын сапаты жог., биринчи ж-а экинчи категориялары б-ча аттестацияланып, *мамлекеттик сапат белгиси* ыйгарылат.

СЭВде С. маселесин С. б-ча туруктуу комиссия, тармактык туруктуу комиссия, С. б-ча СЭВ ин-ту ж-а С. бөлүмү карайт да, бирдиктүү чечим кабыл алышат.

Капит. өлкөлөрдө С. б-ча иш жүргүзүү улуттук уюмдарга жүктөлгөн. Ө. ж. өнүккөн көп өлкөлөрдө бул иштн өкмөттүк эмес уюмдар — ассоциация, коом, ин-ттар аткарат. Өндүрүштүн практикалык иши үчүн фирма ж-а компания фирмалык стандартты иштеп чыгып, аны пайдаланат. Эл аралык стандарт улам кеңири жайы-

лып пайдаланылууда. С. б-ча ири эл аралык уюмдар: ООНдун европ. экон. комиссиясы, С. б-ча эл аралык уюм, Эл аралык электр-тех. комиссия иштейт. Эл аралык стандартты пайдалануу ил.-тех., экон. ж-а соода байланыштарынын кеңейишине комок берет.

Ад.: Кржижановский Г. М., Куйбышев В. В., Осадчий П. С., Перспективы стандартизации и реконструкция народного хозяйства СССР, М., 1929; ГОСТ 1. 19—75; Стандартизация в СССР. 1925—1975, М., 1975.

СТАНДАРТТУУ ТИТРЛЕНГЕН ЭРИТМЕЛЕР — реактивдердин белгилүү так концентрациядагы эритмелери. Мындай эритмелер коломдук анализдин бардык методдорунда негизги жумушчу эритме катары колдонулат. Коломдук анализде аныкталуучу заттын саны аны м-н реакцияга толук кирген реактивдин стандарттуу титрленген эритмесинин колому аркылуу эсептелип табылат. С. т. э-дин концентрациясы негизинен 1 *л* эритмедеги эриген заттын *э-эквинин* саны аркылуу туюнтулат. Бул сан эритмелердин нормалдуулугун көрсөтөт. Мис., 1 *л* эритмеде 0,5 *э-экв* зат эриген болсо, бул эритмени жарым нормалдуу, ал эми 0,1 *э-экв* эриген болсо, децинормалдуу эритме деп атайт (0,1 н). Айрым учурларда титрленген эритменин концентрациясы титр (Т) м-н туюнтулат. 1 *мл* эритмедеги эриген заттын өлчөмү м-н белгиленген санды титр деп атайт да, *г/мл* чоңдугу м-н туюнтат. Хим. жактан туруктуу заттардын С. т. э-ин даярдап үчүн алардын белгилүү салмактагы өлчөмү белгилүү көлөмгө чейин тиешелүү эритикчте эритилет да, эритменин титри же нормалдуулугу табылат.

СТАНДАРТТЫК АБАЛ — таза же эритмедеги заттардын шарттуу түрдө алынган термодинамикалык абалы. Таза түрдөгү газдардын С. а. катары берилген темп-рада 1 *ат* басым алдындагы абалы алынат. Таза суюктук же катуу заттардын ар бир темпрадагы 1 *ат* басым алдындагы абалы стандарт болуп эсептелет. Эгерде бир эле заттын ар кандай модификациялары бар болсо, анда алардын берилген шартта термодинамикалык жагынан туруктуу формасынын абалы стандарт болот. Эритмедеги заттардын С. а. катары алардын чексиз суюлтулган эритмеси алынат.

СТАНИСЛАВСКИЙ (чын фамилиясы — Алексеев) Константин Сергеевич [5(17). 1. 1863, Москва—7. 8. 1938, ошол эле жер] — сов. актёр, режиссёр, педагог ж-а театр теоретиги, СССР эл арт. (1936), сахнада реализмдин жаңы этабын чагылдырган өзүнчө мектеп м-н багыттын негиз салуучусу. 1877-ж. биринчи жолу өз үйүндөгү сахнада ойнон чыккан. 1888-ж. (реж. А. Ф. Федотов ж-а ырчы, педагог Ф. П. Комиссаржевский м-н бирге) Иск-во ж-а ад-т коомун уюштурган. Мында Барондун (А. Пушкин, «Сарай рыцарь»), Фердинанддын (Ф. Шиллер, «Жүз каралык жана сүйүү») ж. б. ролдорду аткарган. С. актёр катары зор таланты, ачык-айрым сезимдүүлүгү, сахнада таасирдүү көрүнүшү көпчүлүктүн көңүлүн бурган. Режиссёр катары алгачкы спектакльдеринде эле эски салттан алыстап, сахнада көркөм чындыкты берүүнүн жаңыча каражаттарын табууга аракеттенген. 1898-ж. В. И. Немирович-Данченко м-н бирге *Москва академиялык көркөм театрын* негиздеп, театр өнөрүндө реалисттик-демокр. багытты бекемдеген. Анда коюлган А. Чехов м-н М. Горькийдин пьесалары коомдогу эң алдыңкы идеяларды чагылдыргандыгы, новаторлук белгилери м-н режиссёр ж-а актёр чыг-лыгынын жаңы реалисттик багытын пайда кылган. Актёр катары С-дин аткарган ролдору: Астров, Вершинин, Гаев (А. Чехов, «Ваня таяке», «Үч эжесинин», «Алчалуу бак»), Сатин (М. Горький, «Түпкүрдө»), Штокман (Г. Ибсен, «Доктор Штокман»), Фамусов (А. Грибоедов, «Акылдын азабы») ж. б. Алар мүнөздөрүнүн психол. таасирдүүлүгү, образдардын кылдат иштелгендиги, көркөм каражаттарынын жеткиликтүүлүгү м-н айырмаланат. Совет доорунда аның режиссёрдук ишмердигинин жаңы этабы башталат. С. койгон Островскийдин «Жалын жүрөктөр» (1926),



К. С. Станиславский.


Бомаршенин «Фигаронун үйлөнүү тою» (1927), Вс. Ивановдун «Бронепоезд 14—69» (1927, И. Я. Судаков м-н бирге), «Олүү жандар» (1932, Гоголдуку б-ча) ж. б. спектакльдери режиссёрдук ойдун терендиги м-н соц. реализм методун бекемдөөдө маанилүү роль ойногон. С. сахнада реалисттик чыг-лыктын ил. теориясын түзгөн (к. *Станиславский системасы*). Бул багытта жазылган китептердин ж-а «Искусстводогу өмүрүм» аттуу мемуардын (1926) автору. С. 1918-жылдан Чоң театрдын опера студиясын башкарган (кийин ал Станиславский атн. Опера театры). С-дин чыг-лык ишмердиги СССР ж-а чет өлкөлөрдөгү реалисттик багыттагы театр өнөрүнүн өнүгүшүнө зор таасир тийгизген. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. Москвада жашаган үйүндө 1948-ж. музей уюштурулган.

Чыг.: Собр. соч., т. 1—8, М., 1954—61.

Ад.: Виноградская И., Жизнь и творчество К. С. Станиславского. Летопись в 4-х т. 1863—1938, т. 1—3, М., 1971—1973; Строева М. Н., Режиссёрские искания Станиславского. 1898—1917, М., 1973; Сибиряков Н. Н., Мировое значение Станиславского, М., 1974.



1. А. Чехов. «Үч эжесинин», Вершинин — К. С. Станиславский. 2. М. Горький. «Түпкүрдө», Сатин — К. С. Станиславский (сол жактан экинчи).



СТАНИСЛАВСКИЙ СИСТЕМАСЫ — К. С. *Станиславский* иштеп чыккан сахна чыг-лыгынын теориясы м-н методологиясынын шарттуу аты. Адегенде актёр м-н режиссёрдун ишине практикалык жол көргөзүүгө багытталган. С. с. кийин сахнадагы реалисттик иск-вонун адистик ж-а эстетикалык негизи катары маанеге ээ болгон. Станиславский аны өз чыгылык пед. тажрыйбасына А. С. Пушкин, Н. В. Гоголь, А. Н. Островский, М. С. Щепкиндин салттарына, айрыкча А. П. Чехов м-н М. Горькийдин драматургиясына таянуу м-н МХАТта калыптандырган. С. с. — турмуш логикасы б-ча мурдатан ойлонулган образдын жандуу аракети ар бир оюнда накта турмуштагыдай аткарылышынын теориялык туюнтмасы. Чыгармадагы негизги ойду («дапекти») өз алдынча же режиссёрдун жардамы м-н ачуу аркылуу аткаруучу өз алдына идеялык-чыгылык максат коёт. Станиславский чыгылыктын элементтери деп эсептеген актёрдун акыл-эси, эркн, сезимталдыгы, ички-сырткы санаты, элестете, туя билүү жөндөмү, сүйлөө өнөрү дайыма өркүндөп турганда гана сахнада накта чыг-лык шык туудуруп, актёрго кейипкердин кейпин кийүүгө оболго түзөт. Актёр созду сүйлөөдөн мурда ага себепкер кыймыл-аракетти жасаганда гана сөз таасирлүү болуруна көп көңүл бурган. С. с. сов. театрдын теориялык ири жетишкендиги болуу м-н сахна өнөрүндө соц. реализмдин методун бекемдөөго оболго түзгөн.

Ад.: Станиславский К. С., Работа актёра над собой. Работа актёра над ролью, Собр. соч., т. 2—4, М., 1954—57; Алкалин Н., Система Станиславского и советский театр, 2 изд., М., 1954.

СТАНКОВЫЙ ОПОР — курулуш, басылма ж. б. м-н байланышсыз өз алдынча мүнөзгө ээ, мис., монумент опору же китеп иллюстрациясынан айырмаланып, живопись, скульптура ж-а графика чыг-ларын билдирүүчү термин. «С. о.» термини чыгарма жаралып жаткан «станоктун» атынан келип чыккан, мис., живопистеги *мольберт*. С. о. Кайра жаралуу доорунда, айрыкча 19-к-да кеңири өнүккөн.

СТАННИН (лат. Stannum — калай), *калай колчеданы* — сульфиддер классындагы минерал. Хим. формуласы Cu_2FeSnS_4. С. жог. темп-рада — куб, төмөнкү темп-рада тетрагон системасында кристалланат. Өңү боз, жашыл сымал; катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 3—4,5; салыштыр. салм. 4,3—4,5. С. гидротерм кендеринде, кээде грейзен ж-а пегматит тарамдарында вольфрам, халькопирит, касситерит, сфалерит ж. б-лар м-н бирге кезигет. С-дин көп өлчөмдөгү концентрациясынан калай алынат.

СТАНОВОЙ КЫРКА ТООСУ — Чыгыш Сибирдеги кырка тоо системасы. Олёкма д-нын ортоңку агымынан Учур д-нын башталышына чейин созулат. Уз. 700 *км*, туурасы 100—180 *км*. Басымдуу бийикт. 1500—2000 *м* (эң бийик жери 2412 *м*). Узунунан кеткен өрөөндөр белгеи кендик багыттагы жарыш кырка тоолордон турат. Түн. Муз. ж-а Тынч океандардын суу болгучу. Климаты каталл, континенттик. Жылдык жаан-чачыны 500 *мм*. 1200 *м* бийикке чейин кызыл карагай тайгасы, андан жогору жапалак кедр, тоо тундра өсүмдүктөрү өсөт. Кен байлыктары: алтын, сейрек кездешүүчү металлдар, темир рудасы.

СТАНОВОЙ ТАШПАК ТООСУ — Чыгыш Сибирдеги тоо системасы. Байкал көлүнүн түн. четинен Олёкма д-нын ортоңку агымына чейин созулат. Уз. 700 *км*, туурасы 200 *км*ден ашык. Кырка тоолору (3000 *м* бийикке чейин) чыгыш — түн.-чыгышка багыталып, таманы 500—1000 *м* бийикте жаткан өрөөндөр м-н бөлүнөт. Архей ж-а протерозойдун кристалл ж-а метаморфизм тектеринен турат. Көп жылдык тоң бардык жерде таралган. Рельефтин алын формалары (кыры аскалуу, цирк, тепши ж. б.) мүнөздүү. Климаты кескин континенттик; жылдык жаан-чачыны 300—1000 *мм*. Тоо капталдарына кызыл карагайлуу тайга, 1200 *м*ден жогору сейрек токой ж-а жылаңач аска мүнөздүү. Кен байлыктары: алтын, жез, флюорит, таш көмүр.

СТАНОК КУРУУ — *машина курууну* негизги тармагы. Эл чарбасынын бардык тармагы үчүн металл кесүүчү ж-а жыгач иштетүүчү станок, автомат, жарым автомат линия, машина, ар кандай темир буюм, жабдуу, түрдүү тетик, темирчилик прессин ж. б. жасоо өндүрүшүн камтыйт.

Рев-ляга чейинки Россияда С. к-чу адистештирилген бир нече завод болгон. 1913-ж. 1,8 мин. темир кесүүчү станок белендеген. Совет бийлиги жылдарында бул тармак дээрлик кайрадан курулду. Иштеп жаткан ишканаларды реконструкциялоо ж-а жаңыларын куруу металл кесүүчү станок даярдоо өндүрүшүнүн кубаттуулугун көбөйтүүгө алып келди. Согушка чейинки үч беш жылдыкта көп С. к. заводу салынды. 1941-ж. СССРде 37 завод адистештирилди. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде ал коргоо ө. ж-ның тапшырмаларын аткарды. СССРде металл кесүүчү станок чыгаруунун өсүшү 1-таблицада келтирилет.

1-таблица.

Жыл	Мин даана	Млн сом (1967-ж. 1-июлдагы ишкананын дүң баасы м-н)
1913	1,8	—
1940	58,4	67,8
1955	117,1	230
1965	186,1	638
1970	202,2	978
1975	232	1492

Машина куруу ж-а металл иштетүү үчүн автомат ж-а жарым автомат линия чыгаруу 1974-ж. 743 комплектти түзду. Мына ушундай өсүү темпин ылдамдатуунун ж-а өндүрүш масштабын кеңейтүүнүн негизинде СССР С. к. б-ча дүйнөдө алдыңкы орунга чыкты.

С. к. башка соц. мамлекеттерде да пийиликтүү өнүгүүдө (к. 2-таблица).

2-таблица.

Мамлекет	Жыл		
	1965	1970	1974
Болгария . . .	8 063	13 945	13 466
Венгрия . . .	13 852	14 476	12 374
ГДР	24 768	22 219	19 107
Польша	31 134	29 726	33 805
Румыния . . .	7 163	14 138	24 834
ЧССР	24 327	35 186	30 085

С. к. капит. мамлекеттердин ичинен АКШ, ГФР, Япония, Франция, Улуу Британия ж-а Италияда жакшы өөрчүгөн (к. 3-таблица).

3-таблица.

Мамлекет	1970-ж.		1973-ж.	
	Мин даана	Млн доллар	Мин даана	Млн доллар
АКШ	188,5	1097,7	251,5	1206,4
Италия	59,0	346,9	. . . .	435,2
ГФР	164,4	1017,5	155,9	1452,9
Улуу Британия.	58,4	378,6	56,1	283,4
Франция . . .	30,9	218,2	26,4	344,2
Япония	256,7	867,6	212,6	1117,0

Кырг-нда 1975-ж. 1 030 даана кесүүчү станок чыгарылган.

СТАНЦИЯ (лат. statio — турак, аялдама) — 1) кургак жол транспорту токтоочу пункт. Анда тийиштүү жабдуу, имарат ж. б. болот. 2) Белгилүү аймакты кайсы бир тармак б-ча тейлоочу, атайын жабдылган, дайыма байкоо жүргүзүүчү ж-а изилдөөчү мекеме. Мис., *Метеорологиялык станция*, *Санитариялык-эпидемиологиялык станция* ж. б.

СТАПЕЛЬ — кемо курулуучу ачык аянтча; ал бетондолуп, сууга энкейиш ж-а суунун деңгээлинен бийик жасалат. Кеменин сууга карата багытталышына жараша узата ж-а тууралыкын С. болуп айырмаланат. Узата С. жээкке карай жантайып, перпендикуляр жасалат да, курулуп бүткөндөн кийин кеме оордук күчүнүн таасири аркылуу сууга түшүрүлөт. Тууралыкын С. жээкке жарыш горизонталь жасалып, кеме сууга түшүрүлмө жантык аянтча б-ча түшүрүлөт. С-де жүк көтөргүч крандар ж-а кеме куруруга зарыл жабдуулар орнотулат.

СТАРАЯ ПОКРОВКА — Ош обл-ның Өзгөн р-пундагы Октябрь айыл советине караштуу кыштак. Кызыл Октябрь с-зунун борбору. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 20 *км* түш.-батыш тарапта. Кара-Суу т. ж. станциясынан 30 *км*. Калкы 1789 (1979). Үй-тиричилик комбинатынын бөлүмдөрү, кесипчилик окуу жайы, орто мектеп, кинотеатр, клуб, китепкана, медпункт бар.

СТАРТЕР (англ. starter, start — баштоо, жүргүзүү) — 1) ичинен күйүө кыймылдаткычты жүргүзүүчү түзүлүш. С-дун негизги түйүндөрү — кыймылдаткыч, редуктор, негизги кыймылдаткычтын валы м-н бириктиргич ж-а ажыраткыч түзүлүш, жүргүзүүчү түзүлүш. Иштөө принциби ж-ча С. инерциялык, түз аракеттүү ж-а айкалышкан болуп бөлүнөт. С. электрдик, пневматикалык, гидравликалык, бензиндик ж. б. болуп айырмаланат. С. тикеден тике (педалды басуу м-н) же аралыктан башкарылышы мүмкүн. 2) *Жарык техникасында — люминесценция лампасын* күйгүзүүчү түзүлүш.

СТАРЧЫН (орусча старшина дегендеп) — 50—250 түтүндү башкарган айыл башчысы. Бул админ. кызмат падыша өкмөтүнүн «Талаа элдерин башкаруу жөнүндөгү» (1865) жобосунун негизинде киргизилген. Кырг-н Россиянын составына ыктыярдуу кошулган соң падышанын админ. саясаты б-ча Кыргндын аймагы уезддерге, алар бир нече айылды бириктирген болуштарга (волост) бөлүнгөн. Уезддерди начальник, болушту болуш (волостной) бийлеп, айылдарды С. башкарган. С. формалдуу түрдө үч жылга бай-манаптар окулунан шайланып, жерг. калкты башкарууда падыша өкмөтүнүн таянычы болгон. Алардын функциясы Совет бийлигинин жеңиши м-н жоюлган.


Ад.: Кыргыз ССР тарыхы, 1-т., Фр., 1973.

СТАРШИЙ ИЛИМИЙ КЫЗМАТКЕР — СССРде ил. из. мекемелериндеги, жог. окуу жайларындагы ил. паам ж-а штаттык кызмат оруну. Наам СССР Мин. Советине каратуу Жогорку аттестациялык комиссиянын (ЖАК) коллегиясынын чечими б-ча, ал эми СССР ИАнын ж-а союздаш

респ-калардын ИАларынын ил. мекемелеринде СССР ИАнын Президиуму берет. Аны жог. окуу жайынын, ил. из. мекемесинин, ил. ондүрүш бирикмелеринин советинин корсотүүсү б-ча илимдин доктору ж-а кандидатына, ошол мекемеде бир жылдан кем эмес иштеген жалпы ил. пед. стажы 5 жылдан кем болбогондоро, о. эле окумуштуу секретарга жашырын добуш берүү м-н ыйгарылат.

СТАРШИНА — 1) СССР Куралдуу Күчтөрүнүн ротасындагы (батарея) солдат ж-а сержанттардын кызматына, тартибине, курал ж-а мүлкүнүн сакталышына жооп берчү кызматчы. 2) СССР Куралдуу Күчтөрүнүн сержанттык составындагы аскердик ст. наам. 1935-ж. киргизилген. АДФте С-га башкы кемс С-сынын наамы туура келет.

СТАСОВ Владимир Васильевич [2 (14). 1. 1824, Петербург — 10 (23). 10. 1906, ошол эле жер] — орус сүрөт ж-а муз. сынчысы. Петербург ИАнын ардактуу акад. (1900). Арх. В. П. Стасовдун уулу. Укук таануу окуу жайын (1836—43) бүткөн. С. сынчыл реализм өнөрүнүн демокр. идеяларын, реакциячыл академизмге каршы орус көркөм мад-тынын улуттугу, элдүүлүгү үчүн күрөшкөн. Ад-т, иск-во, музыка б-ча көп макала жазып, изилдөө иштин жүргүзгөн. Негизги эмгектери: «Орус искусствосуна жыйырма беш жыл» (1882—83), «Искусство 19-кылымда» (1901) ж. б. *Ал* — В. Перов, И. Репин, И. Крамской, Н. Ге,



И. Е. Репин. В. В. Стасовдун портрети. 1883. Орус музейи. Ленинград.

М. Антокольский, М. Глинка, М. Мусоргский, А. Бородин ж-дөгү монографиялардын автору. *«Кубаттуу топтун»* чыг-лык принцибин негиздеген. С. — орус муз. өнөрү тууралуу тарыхый-документ материалдарды топтогондордун, чет элдик композиторлордун (Л. Бетховен, Г. Берлиоз, Ф. Лист, Р. Шуман, Ф. Шопен, Э. Григ ж. б.) чыг-ларын зор ынтызарлык м-н пропагандалагандардын бири.

Чыг.: Избр. соч., т. 1—3, М., 1952.
Ад.: В. В. Стасов, М.—Л., 1949.


СТАСОВА Елена Дмитриевна [3(15). 10. 1873, Петербург — 31. 12. 1966, Москва] — россиялык ж-а эл аралык коммунисттик кыймылдын ишмери. Соц. Эмг. Баатыры (1960). 1898-жылдан Компартия мүчөсү. 1901-жылдан «Искранын» агенти. 1905-жылга чейин Петербург, Орёл, Москвада, 1905-ж. августтан Женевада, 1907—12-ж. Тбилисиде парт., пропагандалык иш жүргүзгөн. Бир нече жолу камалган. Окт. куралдуу көтөрүлүшүн даярдоого ж-а ишке ашыруурга активдүү катышкан. 1920—21-ж. Петроградда, Бакуда парт. жооптуу кызматта, 1921-жылдан Коминтерндө иштеген. 1927—37-ж. Рев-яның күрөшүүчүлөрүнө жардам берүүчү эл аралык уюмдун (МОПР) аткомунун пред-лине орун басар, СССР МОПР БКнын пред-ли. 1935—43-ж. Коминтерндин интернац. контроль комиссиясынын мүчөсү. 1938—46-ж. «Интернациональная литература» журналынын редактору. 1946-жылдан коомдук-адабий иште. Партиянын 7—9, 15—17 ж-а 22-съездинин делегаты. 6-съездде БКнын мүчөлүгүнө кандидат, 7—8-съезддерде мүчө болуп шайланган. ББАК ж-а СССР БАКтын мүчөсү. С.—бир нече макала ж-а эскермелердин автору. Төрт Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. Сөөгү Кызыл аянтта Кремль дубалына коюлган.

Чыг.: Воспоминания, М., 1969.
Ад.: Абрамов А., У Кремлёвской стены, М., 1974.

СТАТИКА — *механиканын* материалдык нерсеге күч таасир эткенде ал нерсенин тең салмактуу абалын изилдөөчү бөлүмү. С. геом. ж-а аналит. болуп айырмаланат. С-нын негизги аксиомалары: 1) материалдык нерсеге аракет эткен эки күчтүн тең аракеттенүүчүсү параллелограмм эрежеси б-ча аныкталат; 2) материалдык нерсеге аракеттенүүчү эки күч алардын чондуктары бирдей ж-а багыттары түз сызык б-ча карама-каршы болгондо гана тең салмактуу абал сакталат; 3) тең аракеттенүүчү күчтөрдү катуу затка аракеттенүүчү система-га кошууда же кемитүүдө анын таасири өзгөрбөйт. С-нын негизги түшүнүгүнө *күч*, борборуна ж-а айлануу огуна карата *күчтүн моменти* ж-а *кош күч* кирет. Күчтүн ж-а анын моментин кошуу векторлорду кошуу эрежеси аркылуу табылат.

СТАТИКАЛЫК ЖӨНДӨГҮЧ — жөндөлүүчү чондук жүккө көз каранды болуп өзгөрө турган жөндөгүч. Статикалык жөндөө системасынын мүнөздөмөсүнүн жантаюу тиктиги жөндөөнүн статизми м-н мүнөздөлөт. С. ж-түн статикалык мүнөздөмөсү $y = f(x)$ түрүндө, б. а. жөндөгүчтүн чыгыш чондугунун туруктууланган мааниси y ж-а жөндөлүүчү чондук x өкөөнүн функциялык байланышы түрүндө берилет. Эгер С. ж-түн статикалык мүнөздөмөсү түз сызыктуу болсо, мындай жөндөгүч пропорциялаш (шайкеш) жөндөгүч деп аталат.

СТАТИКАЛЫК СИСТЕМА (автоматикада) — таасир эткенде убакыттын өтүшү менен, о. эле кириш таасирине көз каранды болгон жөндөлүүчү координатанын кыйшаюусу да туруктуу чондукка умтулуучу система. Сүрөттө суюктуктун деңгээлин жөнөкөй С. с. берилген. Чыгуучу түтүктөн (T_1) суюктук агып чыкканда анын деңгээли төмөндөп, калкыманын (K) абалы өзгөрөт, кашкак (жашык *Ж*) жогору көтөрүлүп, ал агып кирүүчү түтүктөн (T_2) келген суюктук жөндөйт. Агып чыккан суюктук м-н агып кирген суюктуктун саны теңелгенде деңгээли мурункудан бөлөк болгон тең салмактуу абалга жетет. Системанын координата с ы-нын туруктуулланган мааниси-нин туруктуу кириш таасирине болгон графиктүү көз карандылыгы автоматтык жөндөө системанын статикалык мүнөздөмөсү деп аталат.



СТАТИСТИКА (лат. status — мамлекет дегенден) — 1) коомдук тиричиликтин (тех.-экон., социалдык-экон., социалдык-саясий кубулуштар, мад-т) саны ж-а сапат тегине байланыштуу закон ченемин мүнөздөөчү маалымат алууга ж-а анализдөөгө багытталган коомдук иштин түрү. Бул мааниспиде С. статистикалык эсеп түшүнүгүнө дал келет да, соц. (эл чарба) эсептин негизги түрү болуп саналат. 2) Массалык сан катышы ж-а өз ара катнаштарды өлчөөнүн ж-а талдоонун жалпы масселери каралуучу коомдук илим тармагы.

Мамлекет жаралганда эле С-лык практика башталган. Эл ж-а жер каттоо бир нече миң жыл мурда пайда болуп, илим катары кийинчерээк өнүккөн. С. илимининн өнүгүшүнө У. Петти, Г. Конринг, Л. А. Ж. Кетле, М. В. Ломоносов, Д. П. Журавский, П. Л. Чебышев ж. б. зор салым кошкон. Мамл.-монополисттик капитализм шартында С-нын тех. каражаттары ж-а мүмкүнчүлүгү өркүндөйт. Бул монополиянын экон. конъюнктураны абдан талдоо муктаждыгы ж-а айрым экон. пропорцияларды жөндөө зарылчылыгы түрткү берет. Бурж. С-га мүнөздүү белги — апологетизм: капитализмдеги социалдык карама-каршылыктарды басууга аракет кылуу ж-а эмгекчилердин тиричилик шартын ашыртып көрсөтүү.

Маркстик-лениндик С-нын пайда болушу ж-а өөрчүшү аны тарыхындагы жаңы этап болуп калды. Маркстик-лениндик С-нын идеялары СССРде, кийинчерээк соц. өлкөлөрдө жүзөго ашырылды. С-лык информацияны жыйноо, эпализдөө өлкөдө жалпы принцип, программа ж-а методология б-ча жүргүзүлүп, аны СССР Мин. Советинин Борб. статистика башкармасы ж-а анын органдары аткарат. С-лык маалыматтар атайын жыйнактарда басылат. Сов. С-нын негизги максаты: мамл. органдарга мамл. пландардын аткарылышы, соц. эл чарбанын ж-а мад-ттын өсүшү, эл чарбасында материалдык резервдердин бар экендиги ж-а пайдаланышы, түрдүү эл чарба тармактарынын өнүгүшүндөгү катыш ж-дөгү ил. негизделген так маалыматтарды берүү ж-а алардан алуу.

С-нын тех. б а а с ы — мамл. С-нын эсептөө борборлорунун информация-эсептөө ж-а машина-эсеп станцияларынын тармагы. Кибернетиканын өнүгүшү ж-а электрондук эсептөө техникасын колдонуу С-ны уюштыруура ж-а анализ ыкмасына зор таасир тийгизүүдө. С. бир эле ил. тармактан эмес, бир нече тармактык ж-а комплекстүү болүмдөрдөн турат. СССРде кабыл алынган классификация б-ча бир нече составдык бөлүктөрдү камтыйт. Сов. С-нын теориясы м-н практикасынын өнүгүшүнө В. С. Немчинов, В. Н. Старовский, С. Г. *Струмилин* ж. б. зор салым киргизген.

Респ-канын эл чарба тармактарынын эсеп ж-а статистика ишин Кыргыз ССР Мин. Советине караштуу Борб. статистика башкармасы жүргүзөт.

Ад.: Ленин В. И., Россияда капитализмдин өнүгүшү, Чыг., кырг. 1-бас., 3-т.; В. И. Ленин и современная статистика, т. 1—3, 1970—73; Статистический словарь, М., 1965; Боярский А., Теоретические исследования по статистике, М., 1974; Ястремский В., Труды по статистике, М., 1937.

СТАТИСТИКАДАГЫ БАЛАНС МЕТОДУ — статистика маалыматтарын преттөөдөгү ж-а талдоодогу негизги ыкма. Ал СССРдин эл чарбасындагы экон. байланышты ж-а пропорцияны чагаруда гана эмес, диспропорцияны табууда да пайдаланылат. Ар бир баланс баланстоочу 2 бөлүктөн — кириш ж-а чыгыштан турат. Кириш бөлүгүндө бүткүл ресурстар (жыл башындагы запастар, өндүрүш, импорт ж. б.), чыгыш бөлүгүндө пайдаланылган бардык түрү (өндүрүштүк, өндүрүшкө байланышсыз, экспорт, резервдерди түзүү ж. б.) ж-а жыл аягындагы запастар катталат. Сов. статистиканын тажрыйбасында балансты ар кандай түрү пштетилип, алар 4 топко бөлүнөт: 1) айрым продуктулардын ресурстарын, бөлүштүрүлүшүн ж-а эл чарбасында пайдаланылышын мүнөздөөчү баланстар кирип, ресурстар натуралай түзүлөт; 2) эмгек баланстары — эмгек ресурстарынын балансы, жумушчу күчүнүн саны ж-а аны пайдалануу балансы; 3) финансы (акча) ресурстарынын түзүлүшүн ж-а алардын эл чарбасында, тармактарда максаттуу пайдаланылышын мүнөздөөчү баланстар; 4) жалпы синтет. баланстардын системасын корсөтүүчү эл чарба балансы. Мында коомдук өндүрүштүн бүткүл процесстери камтылат.

СТАТИСТИКАЛЫК БААЛОО — ыктымалдыктардын белгисиз болүштүрүлүштөрүн байкоолордун натыйжасы б-ча жакындатып аныктоо үчүн *математикалык статистикада* колдонулуучу ыкмалардын жыйындысы. С. б-нүн чекиттик текшерүү ж-а ишеним чеги м-н текшерүү деген эки түрү бар. С. б. корреляция функциясы м-н спектр функциясын мүнөздөөдө колдонулат.

СТАТИСТИКАЛЫК САЛМАК — квант механикасы м-н квант статистикасында берилген энергиядагы ар түрдүү квант абалынын саны, б. а. абалдын эселүүлүгү. Эгер энергия удаалап бир катар маанине ээ болсо, анда энергиянын берилген интервалындагы абалынын саны С. с. деп түшүнүлөт. Классикалык статистикада С. с. — системанын фазалык көлөмдөгү элементинин чондугу.

СТАТИСТИКАЛЫК ТОПКО БӨЛҮШТҮРҮҮ, топтоо методу — статистикалык маалыматтарды анализдөө ж-а иштеп чыгуу методу. Мында изилденүүчү маалыматтар айрым белгилери б-ча бирдей топторго ж-а бөлүкчөлөргө ажыратылып, алардын ар бири статистикалык көрсөткүчтөр системасын түзөт. Топтоо методун колдонуунун теориялык маселелери В. И. Ленindин эмгектеринде гана ил. негизделген. Типологиялык С. т. б-дө сов. статистиканын тажрыйбасы зор: мис., СССР эл чарба балансы; чарбанын социалдык-экон. түрү б-ча негизги өндүрүш фондуларын, коомдук продукт жыйындысын топко бөлүштүрүү ж. б. Бурж. статистикада маалыматтар топко ажыратылып, туура эмес көрсөткүчтөрдү камтыйт. Ишканаларда С. т. б. өндүрүшкө ил.-тех. прогресстин жетишкендиктерин киргизүүнү мүнөздөө үчүн маанилүү.

СТАТИСТИКАЛЫК ФИЗИКА — теориялык физиканын өтө көп сандагы бөлүкчөлөрдөн түзүлгөн системанын (макронерсенин) касиеттерин изилдөөчү бөлүмү. С. ф-нын милдети — макронерсенин касиеттерин аны түзүүчү молекулалар, атомдор ж. б. бөлүкчөлөрдүн касиеттери ж-а алардын өз ара аракеттенишиттери аркылуу түшүндүрүү. С. ф. *физикалык статистика* ж-а *физикалык кинетика* болуп бөлүнөт. Биринчисинде термодинамикалык тең салмактуу абалда болгон система каралат, экинчисинде тең салмаксыз процесстер изилденет. С. ф-да системанын макроабалын мүнөздөөчү кандайдыр параметрлердин (координата, импульс, энергия ж. б.) орт. маанилери аркылуу системанын бөлүкчөлөрүнүн абалы шартеманын бөлүкчөлөрүнүн абалы шартка карата классикалык механиканын же *квант механикасынын* закондору м-н түшүндүрүлөт. Кайсы механиканы колдонгонуна жараша С. ф. классикалык статистика ж-а квант статистикасы болуп айырмаланат.

Эгер убакыттын кандайдыр моментинде бардык бөлүкчөлөрдүн координаталары, ылдамдыктары ж-а өз ара аракеттенүү закону белгилүү болсо, аракеттенүү механиканын теңдемесин чыгаруу м-н убакыттын ар кандай келерки моменти үчүн алардын координаталары ж-а ылдамдыктары табылып, изилденүүчү нерсенин абалы толук аныкталган болот. С. ф. материянын атомдук түзүлүшүнө негизделген. Ал 19-к-дын орто ченинен тартып өнүгө баштады.

СТАТОР (англ. stator, лат. sto — турам) э л е к т р м а ш и н а д а — электр машинанын магнит өткөргүч ж-а көтөрүп турма конструкциялык милдетин аткаргыч кыймылсыз бөлүгү. С. өзөк ж-а станинадан турат. Өзөк лак жабылган электр-тех. болот калдыркандардан (калынд. 0,35—0,5 *мм*) даярдалып, станинага бекитилет. С у у т у р б и н а с ы н ы н С-у — суу турбинасынын суу агрегатынын массасы м-н суунун басым күчүн ГЭСтин имаратына бере турган фундаменттүү бөлүгү. Ал суу турбинасынын спиралдык камерасынын ичине орнотулат.

СТАТОСКОП (гр. statós—туруучу ж-а skopéo — карайм) — прибордун ички басымы м-н атм-ранын басымынын айырмасы аркылуу учуп жүрген аппараттын бийиктигинин өзгөрүүсүн өлчөгүч прибор. С. карта түзүү үчүн аэрофото сүрөт тартууда колдонулат. С. катары көбүнчө эки бирдей автоматтык кайра туташтырылгыч манометр системасынан турган суюктук барометр колдонулат.

СТАТУС (лат. Status — абал) — адамдын же юрид. жактардын (уюм, мекеме) укуктук абалы.

СТАТУС-КВО (лат. status quo, сөзмө-сөз — абал) — эл аралык укукта белгилүү бир кырдаалда өткөн, же болуп жаткан чыныгы, же укуктук абалды калыбына келтирүүдө же сактоодо колдонулуучу термин. Эл аралык укук практикасында «status quo ante bellum» — согуш алдындагы абал.

СТАТУЯ — с к у л ь п т у р а н ы н негизги түрүнүн бири; адам же айбанаттын тулкусунун адатта секичеге коюлган скульптуралык элеси. С. жөнөкөй адам тулкусу ж-а атчан түрүндө болушу мүмкүн. Интерьерлерди кооздоо максатында жасалган чакан С. статуэтка деп аталат.

СТАТЬЯ — официалдуу укук актысы, документтин бөлүгү (мис., закондун С-сы, эл аралык келишимдин С-сы).

СТАФИЛОКОККОЗ — көп м-н канаттуулардын жугуштуу дарты. С. ылаңы микробдор аркылуу пайда болот. С. микробдору көбүнчө терисинде, тери астында ж-а желининде ириң аралаш көп сандагы майда сезгенч пайда кылып, микробдор канга да жугат. Анда ириң аралаш микробдор көбөйөт. Канаттуулардын муундары сезгенет, С. ылаңы оорулуу көбүн ж-а канаттуулардан, о. эле стафилококктуу тоют, буюм-кечек ж. б-дан жугат. С. клиникалык белгилери, бактериол. изилдөө б-ча аныкталат. Дарылоодо антибиотиктер колдонулат. С. ылаңынын таралышына жол бербөө үчүн вет.-санитариялык эрежелерди туура сактоо керек.

СТАФИЛОКОККТОР (гр. staphylé — бир тал жүзүм ж-а kókkos — дан) —



А. Г. Стаханов.



В. А. Стеклов.

шар сымал бактериялардын уруусу; клеткалары кыймылсыз спора пайда кылбайт. Болунүү жолу м-н көбойот, пайда болгон жаңы клеткалар бири бирине ажырабай топтошуп бир тал жүзүмгө окшошот, бирден, экиден да кездешет. Айрымдары углевод ж-а спирттерди ачытып, кислоталарды, о. эле көз бири уу продуктуларды пайда кылат. С. — оору козгогучтар; жараланган жерлерди, чыйканды, терини ириндетет, тамак-ашта оорчүп, аны жегенде ууландырат.

СТАХАНОВ Алексей Григорьевич [21. 12. 1905 (3. 1. 1906), Орёл губ., Луговой кыш. — 5. 11. 1977] — көмүр о. ж-нын новатору, Соц. Эмг. Баатыры (1970). 1936-жылдан КПСС мүчөсү. 1927-ж. шахтада түрдүү иште, 1933-жылдан забойщик. 1935-ж. шахтада забойщиктер курсун бүтүргөн. 1935-ж. бир сменада (5 *с* 45 *мин*) 102 *т* көмүр казып, 14 норма аткарган. Мындай жог. өндүрүмдүүлүк техниканы билгичтик м-н пайдалануунун натыйжасында камсыз болгон. Ал 1935-ж. 19-сентябрда бир сменада 227 *т* көмүр казууга үлгүрүп, дагы жаңы рекорд белгиленген. Бул эмгектеги баатырдыгы Донбасс шахтасында өрнектүү жөрөлгө катары алынып, *Стахановчулар кыймылы* бүт өлкөгө таралган. 1936—41-ж. Москвада Ө. ж. академиясынан окуган. 1941—42-ж. Карагандыда № 31 шахтанын начальниги, 1943—57-ж. СССР көмүр о. ж. минвосунда, 1957—59-ж. «Чистяковантрацит» трестинин башкармасынын орун басары, 1959-жылдан «Торезантрацит» трестинин №2/43 шахта башкармасынын башкы инженеринин жардамчысы. 1974-жылдан пенсияда. СССР Жог. Советинин (1-шайл.) депутаты. Эки Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Рассказ о моей жизни, [М.], 1938; Шахтёры, М., 1938 (совм. с В. Хмара); Возродим родной Донбасс, М., 1944.

СТАХАНОВЧУЛАР КЫЙМЫЛЫ — СССРде жаңы техниканы өздөштүрүүнүн негизинде эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн соц. өндүрүш новаторлорунун — алдыңкы жумушчулардын, колхозчулардын, инженер-тех. кызматкерлердин массалык кыймылы. *Социалисттик мелдештин* жаңы этабы катары 1935-ж. 2-беш жылдыкта пайда болгон. С. к-нын чыгышына соц. курулуштун жүрүшү, өлкөнү индустриялаштыруунун ийгиликтери, эмгекчилердин маданий-тех. деңгээлинин ж-а материалдык жыргалчылыгынын өсүшү түрткү болгон. Стахановчулардын көпчүлүгү эпкиндүүлөрдөн чыккан (к. *Эпкиндүүлүк*). Бул кыймылга анын демилгечиси — бургулоочу А. Г. Стахановдун ысмы берилген. Ал бир сменадагы 7 *т* норманын ордуна 102 *т* көмүр казган. Н. А. Изотов Донбасс шахтасында 1936-ж. бир сменада 607 *т* көмүр казууга жетишкен. Коммунисттик партиянын колдоосу ж-а жетектөөсү м-н С. к. тез арада эле өлкөнүн бүткүл ө. ж., транспорт, курулуш, а. ч. тармагына жайылган. А. Х. Бусыгин — автомобиль, Н. С. Сметанин — бут кийим, Е. В. ж-а М. И. Виноградовалар — текстиль, И. И. Гудов — станок куруу, П. Ф. Кривонос — т. ж. транспорту ө. ж-нын, П. Н. Ангелина, М. С. Демченко а. ч-нын алгачкы демилгечилери болушкан. 1935-ж. 14—17-ноябрда Кремлде өткөн 1-бүткүл союздук кеңешме С. к-нын соц. курулуштагы зор ролун белгилеген. 1935-ж. ВКП(б) БКнын Декабрь пленуму С. к-па байланыштуу ө. ж-дын ж-а транспорттун өнүгүшү ж-де атайын маселе караган. Бул пленумдун чечимдеринин негизинде өндүрүштүктех. окуу б-ча кеңири тармак уюштурулган ж-а алдыңкылар үчүн соц. эмгектин устаттарынын курсу түзүлгөн. Мыкты көрсөткүчтүү стахановчулар бригадасы, участкасы, цехтер уюштурулган. С. к-нын жайылышы эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулашына түрткү болгон. Мис., 1-беш жылдыкта өлкөнүн ө. ж-ндагы эмгек өндүрүмд. 41%ке, 2-беш жылдыкта 82%ке өскөн. «Эки жүзчүлөр» (бир сменада эки ж-а андан көп норма), кийинчерээк «мичиринчилер» (1000 норма) кыймылы, «фронттук бригадалар» түзүлүп, алардын демилгеси стахановчуларга таандык болгон. С. к-нын тажрыйбасы согуштан кийинки мезгилдерде да өзүнүн маанисин сактоодо.

Кырг-нда С. к. Кызыл-Кыяда башталган. С. А. Сопин бир сменада 22 *т* көмүрдүн ордуна 100 *т*, Сулайманов 110 *т*, көк-жаңгактык забойщик Быков 6 саатта 128 *т* көмүр казган. С. к. Кырг-ндын бардык райондоруна жайылган.

Лб.: В. И. Ленин, КПСС о социалистическом соревновании, [Сб.], М., 1973; Первое всесоюзное совещание рабочих и работниц—стахановцев, 14—17 ноября 1935 г. Стеногр. отчёт, М., 1935; Чыймылова В. Д., История развития социалистического соревнования в промышленности Киргизии, Фр., 1977.

СТАХИБОТРИОТОКСИКОЗ — малдын козу карындан бузулган кесек тоютту жегендеги уукмасы. Козу карындын уу заттары борб. перв системасына, кан тамыр керегесине таасир тийгизет. Кан айлануунун, минерал аат алмашуунун, ичеги ткандарынын бузулушу ж. б. өзгөрүү байкалат. С. тез таралып, малдын көбү оорийт. Малдын дене темп-расы көтөрүлүп, тоютка табити тартпайт, ууртуна жара чыгат, шишийт; жылкынын шилекейи чубуруп, жаталактайт; уйдун мурдунан шүүшүп агып, кан аралаш чычкактайт. Дарылоо (дезинфекция, антибиотиктер ж. б.) оору чыгаар замат жүргүзүлсө патыйжалуу. Профилактика: кесек тоютту (чөп, саман) жыйноонун ж-а сактоонун агротех. эрежелерин тутуу. Бузулган тоютту өртөп жок кылуу.

Лб.: Спесивцева Н. А., Микозы и микотоксикозы, 2 изд., М., 1964.

СТАЦИОНАР (лат. stationarius — ордунда турган, кыймылсыз, козголбос) — 1) оорулуулар үчүн туруктуу орундары бар дарылоо мекемеси; оорукана. 2) Кеңири маанide—дайма иштөөчү мекеме. Мис., кинопкана, театр ж. б. (көчмө болушу да мүмкүн). 3) Айрым бир машинанын, курулуштун кыймылсыз негизи, фундаменти.

СТАЦИОНАРДЫК ЧЕКИТ (же пйри сызык) — берилген функциянын дифференциалы (функционал вариациясы) нолго айлана турган чекит (пйри сызык). Бир өзгөрмөлүү $f(x)$ функциясы үчүн С. ч-те функциянын графигине жүргүзүлгөн жаныма сызык Ox огуна параллель, ал эми эки өзгөрмөлүү $f(x,y)$ функциясы үчүн С. ч-те $z=f(x, y)$ бетине жүргүзүлгөн тегиздик xOy тегиздигине параллель болот.

СТАЧКА, к. *Иш таштоо.*

СТЕАРИН КИСЛОТАСЫ, $CH_3(CH_2)_{16}COOH$ — алифаттык майлуу, бир негиздүү, каныккан карбон к-талардын бири. Түссүз кристалл, эрүү t 69,6°C, кайноо t 376,1°C. Суууда эрибейт, эфирде эрийт. С. к. — табиятта көп таралган майлуу кислота. Анын жегич туздары — *самын*. С. к. олеин к-тасын гидрлөө, стеаринди тазалоо ж. б. жол м-н алынат. Аналит. химияда, орг. синтезде, резина өндүрүшүндө ж. б. колдонулат.

СТЕГОЗАВРЛАР (Stegosauria) — динозаврлардын түркүмчөсү. Юра ж-а бор мезгилинин башталышында жашаган. Оордук салмагы арткы буттарына түшкөндүктөн, көп аяктан баскан. Кийинчерээк төрт аяктап жүрүүгө өткөн. Жонунда жыртыкч айбандардан (карнозаврлар) сактануугa ылайыктанган мүйүзчөлөрү болгон. Адегенде ири, чоң (уз. 6 *м*) болуп, кийин турпаты, бою кичирген. Баш сөөктөрү кичине келип, өсүмдүк м-н азыктанышкан. Калдыктары Түн. Америка, Батыш Европа, Түн. ж-а Чыгыш Африкадан табылган.

СТЕКЛОВ Владимир Андреевич [28. 12. 1863 (9. 1. 1864), Н. Новгород, азыр Горький — 30. 5. 1926, Крым, Ленинградда көюлган] — сов. математик, акад. (1912; корр. мүчө, 1902). СССР ИАнын вице-президенти (1919—26). 1887-ж. Харьков ун-тин бүткөн. Проф. (1896). Анын демилгеси м-н ИАнын Физ.-матем. ин-ту (1921) уюшулуп, 1926-ж. ага С-дун ысмы берилген. С. функцияларды жөнөкөйлөштүрүүнүн өзгөчө методун киргиз-

квадратуралуу формулалар, сериялгич теориясы ж-а гидротехника б-ча эмгектер жазган. Ал математиканын тарыхчысы, философ ж-а жазуучу катары да белгилүү.

СТЕЛА, стель — татаал түзүлүштүү өсүмдүктөрдүн сабагы м-н тамырынын өткөргүч, мех. ж-а паренхима ткандарынан турган борб. бөлүгү — ички цилиндри. С. сыртынан биринчи кабык м-н капталган, к. *Стела теориясы.*

СТЕЛА ТЕОРИЯСЫ — татаал түзүлүштүү өсүмдүктөрдүн стелаларынын эволюциясы, түзүлүшү ж-а өз ара байланыштары ж-дө окуу. С. т. б-ча стела *өзөктөн, жыгачтан* (ксилемадан), *флоэмадан,* өзөк нурларынан ж-а перициклден турат. Сыртынан биринчи кабыктын ички катмары эндодерма м-н чектешет. Тутумундагы өткөргүч ткандардын жайгашуу өзгөчөлүгүнө жараша стелалар бир нече негизги белүнөт: протостела (псилофиттерде, азыркы айрым папоротниктерде), актиностела (астероксилонго, азыркы псилотага), плектостела (плаундарда), сифоностела, диктиостела (папоротниктерде, эустела (жөнөкөй эки үлүштүүлөрдө), атактостела (бир үлүштүү өсүмдүктөрдө). Стелалардын эң жөнөкөйү ж-а байыркысы — протостела, андан эволюция процессинде калган стелалар өөрчүгөн. С. т-нын өсүмдүктөрдүн филогенезин үйрөнүүдө маанисин чоң.

Лб.: Тахтаджян А. Л., Высшие растения, т. 1, М.—Л., 1956.

СТЕЛЬМАХ Михаил Афанасьевич [11 (24). 5. 1912, азыркы Винница обл., Дяковцы кыш.] — украин совет жазуучусу, Соц. Эмг. Баатыры (1972). Жакыр дыйкан үй-бүлөдөн. Винница пед. ин-тун бүтүп (1933), мугалимдик кылган. Улуу Ата Мекен согушка катышкан. 1945—53-ж. УССР ИАнын Иск-во таануу, фольклор ж-а этнография ин-тунда иштеген. Чыг-лары 1936-жылдан жарыялана баштаган. С-тын «Чоң тууган» (1949—50; СССР мамл. сыйл., 1951), «Адам каны суу эмес» (1957), «Нан жана туз» (1959) училтиги (Лениндик сыйл., 1961), «Чындык жана калп» (1961), «Сен жонунде ойлор» (1969) романдары ж. б. прозалык чыг-ларында 20-к-дагы Украинанын элет турмушунун негизги өнүгүш этаптары көркөм сүрөтөлөт. Анын прозасы дыйкан психологиясын терең талдаганы, тилинин байлыгы, көтөрүңкү лирикалык, романтикалык стили, фольклордук, этногр. элементтердин молдугу м-н айырмаланат. Чыг-лары дүйнө элдеринин көп тилине (кыргыз тилине да) которулган. СССР Жог. Советинин (6—10-шайл.) депутаты. Үч Ленин ордени, дагы башка ордендер ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Твори, т. 1—6, К., 1972—73; в рус. пер. — Мак цветёт, М., 1974; Ат кулак терген турна, Фр., 1974.

Лб.: Пархоменко М., О романах Михаила Стельмаха, в его кн.: Обновление традиций, 2 изд., М., 1975; Пискунов В., Трилогия М. Стельмаха, М., 1966.

СТЕНДАЛЬ (чын аты-жөнү — Анри Мари Бейль; 23. 1. 1783, Гренобль—23. 3. 1842, Париж) — француз жазуучусу. Адвокаттын үй-бүлөсүнөн. 1800-жылдан Наполеон Iнин армиясында офицер. 1814—21-ж. Италияда жашап, 1830-жылдан француз консулу болуп иштеген. Анын ад-тка ж-а иск-вого карата көз карашы эки версиялуу «Расин жана Шекспир» (1823, 1825) деген памфлетинде берилет. 18-к-дагы агарттуучулардын жолун жолдоп, Реставрациянын ж-а Июль монархиясынын режимине каршы чыккан. С. сынчыл реализмдин көрүнүктүү өкүлү катары белгилүү. «Арманс» (1827) романында Реставрация мезгилиндеги француз коомун сүрөттөйт, «Люсьен Левен», «Кызыл жана кара» (1830) романдарында карапайым дыйкандар арасынан чыккан, дворяндар м-н буржуазияны жек көргөндөрдүн Жюльен Сорелдей образын түзгөн; «Парма монастыры» аттуу романында Италияда Наполеондон кийин согушкан саясий реакция мезгилин көрсөтөт. С. — новеллалардын, живопись ж. б. ж-дөгү ил. эмгектердин да автору. С-дын чыг-лары б-ча фильм тартылган («Парма монастыры». 1948, ж. б.).

Чыг.: в рус. пер.—Собр. соч. в 15 тт., т. 1—15, М., 1959.

Лб.: Луначарский А. В., Стендаль, Собр. соч., т. 5, М., 1965; Реизов Б. Г., Стендаль. Годы ученья, Л., 1968; его же, Стендаль. Философия истории. Политика. Эстетика, Л., 1974.



М. А. Стельмах.




Стендаль.

СТЕНОГРАММА (гр. stenós — куш, тар ж-а *...грамма*) — сүйлөнүп сөздү (доклад, лекция ж. б.) ошол калыбында *стенография* же стенотип (к. *Стенография машинасы*) ыгы м-н жазылган тексти.

СТЕНОГРАФИЯ (гр. stenós — куш, тар ж-а *...графия*) — сүйлөнүп жаткан сөздү синхрондук түрдө жазганга ж-а жазуу техникасын өркүндөткөнгө мүмкүндүк берчү атайын белги системаларын, кыскарган сөздөр м-н сөз айкалыштарын колдонуп ылдам жазуу. Кадимки жазуудан 4—7 эсе бат жазылат. Мындай жазуу байыркы заманда эле болгон. Маселен, Байыркы Рим мектептеринде С. кадимки жазуу м-н коштоп үйрөтүлгөн.

«С.» терминин илимге 1602-ж. Англияда Ж. Уиллис киргизген. Азыркы С. курсивдүү ж-а геометриялуу С. деп эки түргө ажыратылат. Курсив системасындагы С-нын үнсүз тамгалары кадимки жазуунун элементтеринен





В. В. Степаненко.

алынган. Геом. системадагысынын белгилери геом. фигуралардан турат. С-нын бул эки түрү тең Англияда ойлонуп табылган. С. орфографиялык ж-а фонетикалык системадагы С. деп да ажыратылат. Орфографиялыкжазуу эрежеси катары кадимки жазуунун орфографиясына таянат. Фонетикалыгында сөздөгү үндүүлөрдөн басым түшкөнү гана жазылат. Орус тилинин оригиналдуу ж-а турмушта биринчи колдонулган системасы: С-сы М. И. Иванициндин системасы: «Стенография же ылдам жазуу өнөрү жана аны орус тилге колдонуу жөнүндө» (1858). Окт. рев-ясынан кийин С-ныи М. И. Лапекин (1920), Н. И. Фалеев (1922), Н. Н. Соколов (1924) ж. б-лар тарабынан ойлонуп табылган жаңы системалары пайда болду. Ал системалардан кеңири жайылганы—Н. Н. Соколовдун системасы. Кыргызда эне тилдин өзгочөлүктөрүнө ылайыкталган С-ны А. Карасаева иштеп чыккан.

Лит.: Соколов Н. Н., Теоретические основы государственной единой системы стенографии, М., 1949; Карасаева А., Кыргыз тилинин стенографиясы, Фр., 1960; Юрковский А. М., Стенография сквозь века, М., 1969.

СТЕНОГРАФИЯ МАШИНАСЫ (гр. stenós — кууш, туташ ж-а grápho — жазам) — стенографиянын кандайдыр бир системасы б-ча сөздү тез басып жазгыч машина. Стенограмманы машина м-н жазганда атайын стенографиялык белгилердин ордуна кадимки тамгалар, эки ж-а андан көп тамгалардын айкалышы (аккорд) пайдаланылат. Стенограмма бир же дароо бир нече клавишаны басуу м-н кууш (бир нече *см*) каттаз тилкесине тууралып сап-сап кылып басылат; бир сапка бир тамга же бир аккорд жайгашат. С. м-нда 1 *мин*да 120 ж-а андан көп сөз жазылат. Үндү магнитгик жазуунун техникасынын өнүгүшүнө, б. а. мис., диктофондун пайда болушуна байланыштуу С. м-н жасап чыгаруу 20-к-дын 50-жылдарында токтотулган.

СТЕНОЗ (гр. stenós — ичке, кууш)— тешиктүү, түтүктүү органдардын (мис., жүрөк, кекиртек, ичеги ж. б.) көндөйүнүн кысылып, тарышы. С. орг. (*сезгенүүдөн, жарааттан, шишиктен* кийин пайда болгон) ж-а функциялык же убактылуу (органдын булчуңдарынын дайыма жыйрылып турушунан келип чыккан) болуп болушат. Эгерде жыйрылуу тез-тез ж-а узак убакыт бою кайталанып турса, ал жердин булчуңу калыңданып, туруктуу С-го айланат.

СТЕНОКАРДИЯ (гр. stenós — ичке, кууш ж-а kardía — жүрөк) — жүрөк ооруларынын бири. Анда жүрөктүн тушу ж-а төш сөөк бир перде баскандай же кыскандай болуп капысынан ооруйт. Ал оору сол колго, далыга, моюнга таралышы мүмкүн. С. кыймылдаганда, кара жумуш жасаганда же бир персеге капаланганда, өтүшүп кетсе тынч турганда да, кээде уктап жатканда болот. С-да жүрөктүн негизги кан тамырлары жыйрылып же алар *атеросклероздо* ж. б. учурап тарыганда *миокардга* кан толук келбей, жүрөктүн иштеши ж-а аны кычылтек м-н камсыздандыруу убактылуу туура болбой калат. С-ны дарылоодо эмгек ж-а эс алуу режимин жөнгө салуу, *семирүүгө* каршы *диета*, жүрөк кан тамырларын кеңейтүүчү (валидол, нитроглицерин, интенсанн), ооруну басацдатуучу, *сеп алдыруучу дарылар* колдонулат.

СТЕПАНАКЕРТ (1923-жылга чейин — Ханкенды кыш.) — Азерб. ССРиндеги Тоолуу Карабах АОнун борбору, шаар. Агдам т. ж. станциясынан 26 *км* түш. жагында. С. областтагы бардык ө. ж. продукциянын $^1/_{2}$ин чыгарат. Респ-кадагы жеңил, тамак-аш ө. ж-нын ири борбору. Электр тех. з-ду, мебель ф-касы, курулуш материал комбинаты, асфальтбетон з-ду иштейт. Пед. ин-т, совхозтехникум, мед. ж-а пед. окуу жайы, драма театры, тарых-край таануу музейи бар.

СТЕПАНЕНКО Василий Васильевич (1923, Казак ССРи, Павлодар обл. — 2. 5. 1945, Берлин) — Сов. Союз Баатыры (1945). Гвардия капитаны. 1944-жылдан КПСС мүчөлүгүнө кандидат. Сов. Армияга 1941-ж. Кыргыз ССРинин Москва (мурдагы Сталин) р-ндук аскер комиссариатынан чакырылган. Улуу Ата Мек. согушта Борб. ж-а 1-Украин фронтторунда салгылашкан. 1945-ж. 23-январда 467-гвард. миномёттук Львов полкунун С. командалык кылган 4-батареясы дивизиондо биринчи болуп Одер дөнүн батыш жээгине өтүп, душмандын 80 адамын, 10 автомашинасын, ок атуучу 5 точкасын талкалап, фашисттердин эки контрчабуулунун мизин кайтарган. 25-январда аның батареясы Клейн — Альтхомен р-нунун аймагында бөтөнчө эрдик көрсөткөн. С. Кызыл Жылдыз ордени м-н сыйланган. Беловодский кыш-ндагы мектеп С-нун ысымынан аталган.

СТЕПАНЕНКО Иван Никифорович (13. 4. 1920-ж. т., Нехайки кыш., азыркы УССР, Черкассы обл., Драбовский р-ну) — эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1944, 1945), авиациянын генерал-майору (1958), СССРдин эмг. сиң. аскер учкучу (1966). 1942-жылдан КПСС мүчөсү. Дыйкандын үй-бүлөсүнөн. 1940-жылдан Сов. Армияда. А. Ф. Мясников атн. Кача аскер авиация мектебин (1941), М. В. Фрунзе атн. (1949) ж-а Генштаб (1957) Аскер академиялары бүткөн. Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) Түш., Сталинград, Түп.-Кавказ, Брянск, 2-Прибалтика ж-а Ленинград фронтторунда салгылашып, учкучтан эскадрильянын командирине чейин жеткен. 414 согуштук учуш жасап, жеке өзү душмандын 33, башкалар м-н 8 самолётун атып түшүргөн. Согуштан кийин ААКта жооптуу командирлик кызматтарда. Ленин ордени, 3 Кызыл Туу, 1- ж-а 2-дараж. Ата Мекендик Согуш, Александр Невский, 5 Кызыл Жылдыз ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

СТЕПАНЩЕВ Михаил Тихонович [29 11 (12. 12). 1917, Первое Колесово кыш., азыркы Липецкий обл., Задонский р-ну — 8. 9. 1946] — сов. аскер учкучу, эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1944, 1945), майор (1944). 1944-жылдан КПСС мүчөсү. Дыйкан үй-бүлөсүнөн. 1937-жылдан Кызыл Армияда. Ворошиловград аскер авиация мектебин бүткөн (1938). Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) Түш., Сталинград, Түш.-Батыш, 4-Украин ж-а 3-Белорус фронттторунда салгылашып, учкучтан авиаполктун командирине чейин жеткен. 234 согуштук учуш жасаган. Согуштан кийин ААКта кызмат өтөгөн. Ленин ордени, 4 Кызыл Туу, 3-дараж. Богдан Хмельницкий, 1-дараж. Ата Мекендик Согуш, Александр Невский ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. Липецкий обл-нын Задонский р-нундагы Хмелинец кыш-нда С-ге бюст орнотулган.

СТЕПАНЯН Нельсон Георгиевич [15 (28). 3. 1913, Шуша ш., азыркы Аверб. ССРи, Тоолуу Карабах АОсу — 14. 12. 1944, Латыш ССРи, Лиепая ш-ныи жанында] — эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1942; 1945, өлгөндөн кийин), подполковник (1944). 1932-жылдан КПСС мүчөсү. Гражд. аба флотунун авиация мектебин бүтүп (1935), учкуч-инструктор болуп иштеген. Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) Одесса аймагындагы салгылаштарга штурмалоочулар тобунда катышып, жарадар болгон. Айыккан соң Балтика флотунда звенонун, эскадрильянын ж-а ААКта авиаполктун командири. 239 согуштук учуш жасап, душмандын 53 кемесин жок кылышкан. 1944-ж. 14-декабрда штурмалоочулар тобун м-н Лиепая аймагында душмандын 6 кемесин чөгөрүшүп, ушул салгылашта курман болгон. Эки Ленин ордени, 3 Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. С-дын ысымынан балык кармоочу чоң траулер аталган. Ереванда С-га бюст орнотулган.

СТЕПНОЙ — Аламүдүн р-нундагы Пригородный айыл советине карашту кыштак. «Пригородный» с-зунун аймагында. Райондун борбору Лебединовкадан 19 *км* түш.-батыш тарапта. Пишпек т. ж. станциясынан 12 *км*. Калкы 670 (1979). Китепкана, фельдшер-акушердик пункт бар.

СТЕПНОЙ — Калинин р-нундагы Степной айыл советине карашту кыштак. «Чүй» с-зунун аймагында. Райондун борбору ж-а т. ж. станциясы Кара-Балта ш-нан 42 *км* түн. тарапта. Калкы 1911 (1979). Орто мектеп, клуб, 2 китепкана, оорукана бар. С. 1924-ж. орношкон.

СТЕРАДИАН (гр. stereós — мейкиндик, перселик, көлөмдүк ж-а *радиан*) — перселик бурчтун өлчөө бирдиги. Белгилениши стер. С. — бурчтун чокусуна сыртган сызылган сферада аянты сфераның радиусунун квадратына барабар болгон бетти чектөөчү перселик бурч. Толук сфераның перселик бурчу 4*л* гө барабар.

СТЕРЕО... (гр. stereós — катуу, көлөмдүү, мейкиндиктүү) — татаал сөздөрдүн бөлүгү. Мындай мааниледи түюндурат: 1) колом же мейкиндик (мис., *стереометрия, стереоизомерия*); 2) катуулук, туруктуулук (мис., стереотип).

СТЕРЕОИЗОМЕРИЯ — молекуладагы атомдор бирдей тартипте байланышып, бирок мейкиндикте ар түрдүү жайгашуусуна жараша пайда болгон изомерия. С-нын эки түрү белгилүү: а) геом. *изомерия* — көш байланыштуу ж-а циклдүү бирикмелерде көмүртектин эки башка атомундагы суутектин атомдору орун алмашкан атом же атом тобутору көш байланыштын же циклдин бир жагында же ар башка жактарында жайгашуусунан келип чыгат; б) оптикалык изомерия — молекулада көмүртектин асимметриялуу атомунун бардыгына байланыштуу болуп, поляризацияланган жарыктын тегиздигин оңго же солго айландырат.

СТЕРЕОМЕТРИЯ (*стерео...* ж-а *...метрия*) — элементардык геометриянын мейкиндиктеги фигураларды изилдеген бир бөлүгү.

СТЕРЕОСКОП (*стерео...* ж-а гр. skopéō — карайм) — жер бетинин же айрым перселердин сүрөтүн көлөмдүү кылып көрсөтүүчү оптикалык прибор. Мындай прибордо объектинин сүрөттөрү эки чекиттен алынып, өз ара бирине бири дал келүүгө тийиш. Ошондо гана объектини адамдын оң ж-а сол көзү айрым-айрым көргөндөй көрүнүш камсыз кылынат. Объектинин сүрөтүнүн талдан текшериле турган жалпы чекити беттешкен сыяктанып, андан нурлар чагылыш үчүн С-то тийиштүү линзалар же чагылткыч күзгүлөр пайдаланылат. С. негизинен сүрөттөрдүн шифрин жандырып үчүн колдонулат. Бул прибордун 100гө жакын түрү бар. Картографиялык максаттар үчүн алмаштырылма чоңойткучтуу ж-а оптикалык пантограф м-н айкалыштырып жасалган стереоскоп-пантограф түзүлгөн. СССРде ж-а чет өлкөлөрдө көтөрүп жүрмө ж-а столго орнотулма С-туп көз бир моделдери олчогуч ж-а чийгич жасалгалар м-н бир комплектиде жасалып чыгарылат.

СТЕРЕОСКОПТУУ КИНО — кинематографиянын экранга түшүрүлгөн объектини көлөмдүү элес м-н көрсөтүүчү түрү. С. к. көбүнчө көлөмдүү же үч өлчөмдүү кино деп да аталат. Табигый шартта адамдын ар бир көзү мейкиндиктеги персени ар кандай бурч б-ча көрөт да, ал персенин адамдын ар бир көзүнүн торчосундагы сүрөтү эки башка болот. Сүрөттөрдү беттештиргенде алардын контуру бири бирине дал келбейт. Сүрөттөрдүн туурасынан дал келбестигинен, б. а. көздөрдүн каректерин туташтыруучу түз сызыкты бөлгөто контурдун жылыш кетишинен табигый физиол. стереокубулуш пайда болот да, адам мейкиндиктеги перселерди көлөмдүү, рельефтүү ж. б. сыртқы өзгочөлүктөрүн даана көрөт.

Дал ушул сыяктуу эле С. к-нун тех. каражаттары ар кандай эки көрүү чекитинен тартылган бир эле объектини экранда эки көз м-н айрым-айрым көрүүгө мүмкүндүк берет. Бул үчүн фильм С. к-го тартуу ыкмасы м-н тартылып, С. к. көрсөтүү аппаратурасы м-н экранга көрсөтүлүшү керек. С. к. тартууда объектинин мейкиндик мүнөздөмөлөрүн билдирге турган сүрөттөр (бир эле объектинин эки көрүү чекитинен тартылган стереотүгөй сүрөтү) удаалап тартылат. Бул учурда киноплёнкага эки (сол ж-а оң объектив м-н тартылган) сүрөт түшүрүлөт. Стереотүгөй сүрөттү алуу үчүн фильм синхрондуу иштөөчү бир объективдүү эки киноаппарат м-н айрым эки киноплёнкага же эки объективдүү С. к-го тартуучу аппарат м-н бир жалпы плёнкага тартылат. Эки көрүү чекитинен эки объектив м-н бир киноплёнкага бир эле объектини тартканда сол ж-а оң сүрөт тартылат да, ал сүрөттөр 35 *ммлүү* киноплёнкада бири бирине, үстүнкү 70 *ммлүү* киноплёнкада плёнканын туурасы б-ча бири бирине жанаша түшүрүлөт. С. к. көрсөтүү үчүн бири бирине байланышкан кадрлар бир мезгилде эки объектив аркылуу экранга бири бирининүстүнө түшүрүлөт. Мейкиндик элести көрүү үчүн оң ж-а сол көзгө арналган сүрөттөрдү ажыратып көрсөтүүчү оптикалык ажыратыкч түзүлүш (АТ) колдонулат. Ал АТ жекече ж-а коллективдүү болуп болушат. Жекече АТтын иштөө принциби жарык агымынын селекциясына (спектрине, поляризациясына, убактысына) негизделген. Стереокөрсөтүүдө коллективдүү АТ катары нурлардын багытын өзгөртүүчү стереоэкран колдонулат.

С. к. түзүү 19-к-дын аягында башталган. 1928-ж. Э. Ноайон (Бельгия) нурлардын багытын өзгөртүүчү стереоэкранды колдонуп, көз айнексиз эле көрүнө турган С. к. тартуу мүмкүндүгүн көрсөткөн. СССРде стереофильм тажрыйба иретинде биринчи жолу 1937-ж. көрсөтүлгөн. 1960-жылдардын ортосунда фильмди тартуучу ж-а көрсөтүүчү С. к-пун системасы иштелип чыкты.


Лит.: Голдовский Е. М., Основы кинотехники, М., 1965; Иванов В. Т., Стереокинотехника, М., 1956.

СТЕРЕОСКОПТУУ ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮ — телекөрүүчүлөргө сүрөттөрдүн көлөмдүү ж-а терең көрүнгөндөй элес калтыруучу телекөрсөтүү системасы. Сүрөттүн көлөмдүү болуп көрүнүшү көш көз м-н көрүүгө негизделген, ошондуктан С. т-дө бир эле объектинин сүрөтү бири биринен кандайдыр аралыкта турган эки позициядан (абалдан) берилет да, объектинин стереотүгөйдү пайда кылуучу эки сүрөтү түзүлөт, ал сүрөттөр көрүүчүгө айрым-айрым таасир этип, сол көзге стереотүгөйдүн сол жактагы сүрөтү, оң көзгө оң тараптагы сүрөтү көрүнөт. Ак-кара С. т. системасында стереотүгөй сүрөттөр бир убакта же удаалап көрсөтүлөт. Бир убакта берүү ыкмасын колдонгондо түгөй сүрөттөрдүн сигналдары берүүчү эки телекөрсөтүү камера м-н байланыштын эки айрым каналы б-ча же берүүчү эки телекөрсөтүү түтүгү бар бир камера м-н байланыштын бир каналы б-ча берилет. Сүрөттөрдү удаалап ыкма м-н берегендө стереотүгөйлөр оптикалык приставканын (күзгүлөр системасы же эки призма) жардамы м-н берүүчү бир түтүктөгү фотокатоддун көшү участкасына проекцияланат да, андан кийин байланыштын бир каналы б-ча удаалап берилет. Түстүү С. т. системасы түстөрдү, о. эле стереотүгөйдүн сүрөттөрүнүн жарыктык градациясын берүүсү бир убакта ж-а удаалап болушу мүмкүн. Түстүү стереотүгөйдүн сүрөттөрүн ажыратуунун методдору ак-кара С. т-дөй эле болот. Системалардын ар бири жыштыктардын кыйла кеңири тилкесин талап кылат. Ошондуктан С. т-нун негизги маселелеринин бири жыштыктар тилкесин ичкертүү (тарытуу) методдорун издөө болуп саналат. С. т-нун келечеги көп ракурстуу ж-а голографиялык системалардын иштелип чыгышына байланыштуу.

СТЕРЕОТИПИЯ (*стерео...* ж-а гр. týpos — так)— бийиктен (чыгыцкы) *басуунун* оригинал формадан (стереотиптен) так көчүрмө даярдоо процесси. Стереотип — бийиктен басуунун оригиналдуу басма формасынын металлдан, резинадан ж-а пластмассадан даярдалган бүтүндөй туташ (терүүсү ж-а *клишеси* кошо) көчүрмөсү. С. форманы матрицалоодон (калыбын түшүрүү), стереотипти матрицадан куюп алуудан ж-а аны даярдоодон турат. С. азыркы полиграфияда: оригинал басма формасынан белгилүү санда тираж даярдап алып, ал форманы сактап калуу максатында, цилиндрлик же жарым цилиндрлик басма формаларынан ротациялык басма машинасында басууда, китепти кайра басууда, айрым газеталарды (мис., «Правда», «Известия») башка шаарларда (мис., Фрунзеде, Алматыда) басууда, басма формасына, мис., көп сандагы формулалык терүүгө чыдамдуулукту берүүдө кеңири колдонулат. Стереотиптер куюу, электролитик ж-а пыктоо жолу м-н даярдалат. Газета, китеп, аз сүрөттүү

журнал, айрылма календарь басууда металлдан куюлган стереотиптер кеңири таралган. Электролиттик ыкма м-н алынган гальванопластикалык стереотиптер көп тиражга (300 миң оттискага жакын) чыдайт, оригинал форманын бардык элементтерин так түшүрөт. Пластмассалык стереотиптер да көп тиражга чыдап, ар түрдүү текстттик ж-а бир түстүү боёктуу, суреттүү китептерди басууда колдонулат. Резина стереотиптери көчүрмөнү так бербегени м-н көпкө чыдайт да, печать, штамп, көп тираждуу орой турган кагаз, бланк даярдоодо пайдаланылат.

СТЕРЕОФОТОГРАММЕТРИЯ—стереоскоптук байкоолордун жардамы м-н фотосүрөттөрдөгү перселердин көлөмүн, формасын, мейкиндиктеги абалын аныктоо; фотограмметриянын



Оптикалык долбоорлоочу стереофотограмметриялык прибордун схемасы.

бир тармагы. Аэро ж-а жер үстүндөгү С. болуп бөлүнөт.

СТЕРЕОХИМИЯ — химия илиминин молекулалардын мейкиндикте жайгашуусун изилдөөчү бөлүмү. С-ны шарап к-тасынын изомерлерин изилдөө м-н 1-жолу франц. окумуштуу Л. *Пастер* (1848) негиздеген. 1874-ж. голланд окумуштуусу Я. Вант-Гофф ж-а франц. окумуштуу Ж. Ле-Бель көмүртектин каныккан атому м-н байланышкан 4 атом же радикалдар бир тегиздикте жайгашпастан, борборунда көмүртектин атому турган тетраэдрдин бурчтарындагы мейкиндикте жайгашат деп, ар бири өз алдынча С-нын негизги идеясын сунуш кылышкан. Кийинчерээк физ. методдор м-н молекулалардын тетраэдрдик модели толук аныкталган. Азыркы кезде С-нын маанилүү бөлүгү — конформациялык анализ. Ал молекулалардын мейкиндикте жайгашуусун ж-а стереоизомерияларды изилдейт. Заттардын касиети алардын мейкиндиктеги түзүлүшүнө көз каранды болгондуктан С. химия, биохимия, хим. технология ж-а медицинада чоң мааниге ээ. С. орг. ж-а орг. эмес химиянын теориялык проблемаларын чечүүдө жардам берет.

СТЕРЕОЭФФЕКТ *(стерео...* ж-а лат. effectus — натыйжа) — объектинин перспективалуу эки тегиз сүрөттөлүшүнүн мейкиндиктүү кабыл алынышы. С. төмөнкү негизги шарттар сакталганда алынат: көздүн ар бири бирден сүрөттөлүш кабыл алса; көзгө көрүнгөн сүрөттөлүш нурлары салыштырмалуу түрдө кесилишип турса; сүрөттөлүш масштабдарынын ар түрдүүлүгү 16%тен ашпаса. С-тин туз, тескери, нөлдүк деген түрлөрү бар. Түз С. объектини мейкиндиктеги чыныгы абалына дал келет да, оң сүрөттөлүш — оң, сол сүрөттөлүш — сол көз м-н караганда пайда болот. Сүрөттөлүштөрдүн орундарынын алмашылышы тескери 90°ка айланылышы нөлдүк С-н түзөт.

СТЕРИЛДӨӨ (лат. Sterilis — өнүмсүз, тукумсуз) — ар түрдүү заттардагы, буюмдардагы, тамак-аштагы тирүү микроорганизмдерди жок кылуу. С-нүн кеңири таралган методдору — жог. темп-ранын таасири, ультракызгылт көк нурлантуу, суюктуктарды чыпкалоо. С-дө көпчүлүк бактериялардын ж. б. микроорганизмдердин вегетатив клеткалары 50—70°Сде 30 *мин* кармаганда өлөт. Споралуу бактериялар узак кайнатууга да чыдайт. Лабор-лык идиштер, темир аспаптар, кээ бир ысыктан бузулбай турган күкүм заттар кургаткыч шкафтарда 1,5—2 *с* 160—165°Сде кургак ысытылат. Хирургиялык аспаптар, жараат таңгычтары, тамак ө. ж-нда даярдалуучу консервалар ж. б. жог. басымда (1—4 *ат*) 120—130°Сдеги суу буусунда (автоклавда) 20—30 *мин* стерилденет. Кээ бир суюктуктар бактериялык чыпкалардан өткөрүлөт. Ысыктан бузулуучу аспаптарды, буюмдарды С-дө газ (мис., этилен кычкылы м-н CO_2нин аралашмасы), спирт, сыман хлоридинин эритмеси ж. б. колдонулат. Имараттын ичин (мис., операция бөлмөлөрдү) С. ультракызгылт көк нур м-н жүргүзүлөт. С. микробиол. ж. б. ил. изилдөө, медицина, тамак ө. ж-нда кеңири пайдаланылат, *к. Асептика, Дезинфекция, Консервалоо, Суунуу тазалоо, Пастерлөө.*

СТЕРИЛДҮҮЛҮК (лат. sterilis—өнүмсүз, тукумсуз) жыныстык жагынан жетилген организмдердин жыныстык көбөйүүгө жөндөмсүздүгү. Адам м-н жаныбарларга С-түн ордуна көбүнчө *тукумсуздук* деген термин колдонулат. С. *мейоздун*, жыныстык клеткалардын калыптануусунун бузулушунан, уруктанган энелик клетканын *(зиготанын)* өлүп калышынан ж-а жыныс органдарынын туура эмес өөрчүшүнөн келип чыгат. С. тубаса (генетикалык) же чөйрөнүн таасиринен болот. Жыныстык стерилдөө жолу м-н жасалма С-ту пайда кылат. Түр аралык ж-а алыстан аргындаштырууда пайда болгон аргындарда аргындык деп аталган С. учурайт. Буларда С. ата-энелин геномдорунун бири бирине туура келбегендигинен болот, себеби зигота өлүп калат. Хромосомаларынын санында же түзүлүшүндө айырма бар ата-энелерден пайда болгон аргындарда мейоз бузулгандыктан алар тукумсуз болуп, пайда болгон жыныстык клеткалардан нормалдуу зигота калыптанбайт. Медицинада ж-а микробиологияда чөйрөдө, организмде микроорганизмдердин же алардын спораларынын жок болушу С. деп аталат.

СТЕРИНДЕР, стероддор — *стероиддер* тобундагы циклдүү спирттер. Көпчүлүк С.— суюда эрибей, орг. эриткичтерде эрүүчү, оптикалык активдүү кристаллдык заттар. Табиятта кеңири таралган. С. жаныбарлардын нерв ткандары, боор ж. б. клеткаларында болот. Өсүмдүктөрдө май к-тасы, углевод м-н чогуу же өзүнчө кездешет. С-дин негизгилери: жаныбарларда — *холестерин*, козу карындарда — эргостерин, өсүмдүктөрдө — β-ситостерин ж-а стигмастерин. С. организмде түрдүү физиол. ж-а хим. функцияларды аткарып, *биологиялык мембраналардын* структуралык составына кирет. Холестериндин стероид гормондорунун ж-а ультракызгылт көк нурдун таасири м-н эргостериндин D тобундагы витаминдердин пайда болушу — С-дин жакшы изилденген биохим. функциясы. Холестерин, эргостерин, β-ситостериндин ө. ж-да стероид гормондору, D тобундагы витаминдер алынат.

СТЕРЛИТАМАК — Башкырт АССРиндеги шаар. Ак д-нын боюнда. Т. ж. станциясы. Калкы 220 миң (1979). Химия ж-а машина куруу ө. ж-ныи ири борбору. Сода-цемент комбинаты, синтет. каучук ж-а химия, станок куруу, курулуш материалдар, мех. а-ддору, жеңил ө. ж. ишканалары бар. Шаарда пед. ин-т, Уфа нефть институтунун жалпы тех. ф-тети, 8 атайын орто окуу жайы, драма театры, край тааныу музейи бар. С. 1766-ж. негизделген.

СТЕРОИДДЕР — өсүмдүк ж-а жаныбарлар организминде пайда болгон татаал орг. заттар. Алар — оптикалык активдүү, орг. эриткичтерде жакшы, суюда начар эрүүчү кристаллдар. С. физиол. таасирине жараша бир нече топко бөлүнөт. Ага стериндер, D тобундагы витаминдер, өт к-тасы, жыныс ж-а бөйрөк үстүндөгү бездердин гормондору, гликозиддер, *сапониндер*, айрым *алкалоиддер* ж. б. кирет. С-дин медицина, ветеринария ж-а мал чарбасында мааниси чоң болгондуктан алардын биохимиясы ж-а физиол. активдүүлүгү кеңири изилденүүдө.

Ад.: Хефтман Э. М., Биохимия стероидов, пер. с англ., М., 1972.

СТЕФАН — БОЛЬЦМАН НУРЛАНУУ ЗАКОНУ — жылуулук нурлануунун негизги закондорунун бири; бул закон б-ча *абсолюттук кара нерсенин* энергетикалык толук жарыкыроосу (ρ), б. а. жыштыктын 0 дөн ∞ ке чейинки бардык интервалында кара нерсенин бетинин бирдик аянтынан бирдик убакытта нурданып чыккан энергия ал нерсенин абс. темп-расынын (Т) төртүнчү даражасына пропорционалдуу: $\rho = \sigma T^4$, мында $\sigma = (5{,}66961 \pm 0{,}00096) \cdot 10^{-8}$ $Вт/(м^2 \cdot К^4)$ — Стефан—Больцман туруктуулугу. Бул законду австрия физиктери И. Стефан 1879-ж. ж-а Л. Больцман 1884-ж. ачышкан.

СТЕФАН ДУШАНДЫН ЗАКОНДОР ЖЫЙНАГЫ — Сербиянын о. кылымдагы падышасы Стефан Душандын демилгеси б-ча түзүлгөн закондор жыйнагы. 1349-ж. собор кабыл алып, 1354-ж. толукталган. Бизге 24 көчүрмөсү жеткен (эң байыркысы — 14-кдагы Стру көчүрмөсү СССРдин В. И. Ленин атн. мамл. китепканасында сакталууда). С. Д. э. ж. үстөм таптын өз ара карым-катышын, алардын дыйкандар ж-а борб. бийликтегилер м-н мамилесин баяндаган. Бирдей кылмыш үчүн дыйкандарды ж-а феодалдарды түрдүүчө жазалап, үстөм таптын мүдөөсүн коргогон. С. Д. э. ж. сот процессинин тартибине көп көңүл буруп, православие чиркөөсүн ж-а анын ин-ттарын мамл. коргоого алган.

СТЕХИОМЕТРИЯ (гр. stoichéion — алгачкы, элемент ж-а *...метрия)* — реакцияга кирген заттардын массаларынын (көлөмдөрүнүн) ортосундагы сандык катыштар ж-дөгү окуу. «С.» терминин немец илимпозу И. Рихтер (1792—94) киргизген. С-нын негизги *Авогадро закону, Гей-Люссак закону, эселик катыш закону, составдын туруктуулук закону, массанын сакталуу закону* ж-а эквиваленттер законунан келип чыгат. Анын эрежелери хим. реакциялардын теңдемелери м-н байланышкан бардык эсептөөлөрдүн негизинде жатат. С-лык эсептөөлөр хим. технологияда ж-а металлургияда кеңири колдонулат.

СТЕХИОМЕТРИЯЛЫК КАТЫШ — реакцияга катышуучу заттардын санынын ортосундагы *стехиометрия* законуна жооп берүүчү сан катышы. С. к. бүтүн сан м-н белгиленет да, бардык газ, суюк абалдагы, о. эле көпчүлүк катуу хим. бирикмелер үчүн туура келет.

СТЕЧКИН Борис Сергеевич [24. 7(5. 8). 1891, Труфаново кыш., азыркы Тула обл.— 2. 4. 1969, Москва] — гидроаэромеханика ж-а жылуулук техникасы б-ча сов. илимпоз, акад. (1953; корр. мүчө, 1946). Соц. Эмг. Баатыры (1961). Н. Е. Жуковскийдин шакирти. 1918-ж. Москва жог. тех. окуу жайын бүтүп, анда 1918—27-ж., Москва авиация ин-тунда 1933—37-ж. сабак берген. Борб. аэрогидродинамика ин-тун, Н. Е. Жуковский атн. Аскер-аба инженер академиясын (1921—53-ж. аның проф.) уюштуруучулардын бири. 1954-жылдан Москва автомобиль-жол ин-тунда проф. С. авиакыймылдаткычтардын жылуулук эсептөөлөрүнүн теориясын ж-а кыймылдаткычтардын жердеги, абадагы ыпташ мүнөздөмөлөрүнүн методикасын иштеп чыккан. Авиакыймылдаткычтардын абаны чыгымдоо, о. эле толтуруу коэффициентин ж-а индикатордуу п. а. к-ин эсептөө б-ча бир катар формула чыгарган. СССР мамлекеттик сыйлыктын (1946), Лениндик сыйлыктын (1957) лауреаты. Ленин орденн, башка 2 орден жана медалдар менен сыйланган.



В. С. Стечкин.

СТИЛДЕШТИРҮҮ (фр. stylisation, style — стиль дегенден) — ад-т м-н иск-водо чоочун стилди жаңы көркөм контекстте белгилүү бир эстетикалык, идеол. кызмат аткарыш үчүн атайылап кайрадан колдонуу. С-нүн мазмундуулугу чыгармадагы чоочун стилдин аткарган милдетине байланыштуу болот. С. белгилүү бир доордун атм-расын же элдин, улуттун психологиясын, өзгөчөлүгүн сүрөттөөдө чоң мааниге ээ. С. историзм жаралып жаткан мезгилде кеңири таралган. Кризис мезгилдерде С. учурдун маселелерине же турмуштун татаал көрүнүштөрүнөн бүйтап өтүү ыкмасы катары кызмат кылат. С. сказ, пародия сыяктуу формалар м-н өзөктөш.

Иск-водо С. өткөн дооpлордогу кандайдыр бир стилдик өзгөчөлүктү жаңы эстетикалык мазмунда жандандыруу үчүн пайдаланылат. Мис., А. В. Щусев м-н В. А. Покровскийдин рев-я-га чейинки долбоорлорунда байыркы орус арх-расынын стилин жаңы чыгчыл көз караштан чечмелөө байкалат же И. Н. Черепниндин «Армида павильону» балетинде 17—18-к-дагы театр өнөрүнүн айрым жактарынан С. ачык көрүнөт. С. ошондой эле китеп графикасында, театр-жасалга өнөрүндө, мультипликация киносунда да кеңири колдонулат. С. 20-к-дын башындагы театр режиссурасында өз алдынча өзгөчөлүгү, стили жок бурж. театрды элдик ж-а эски «театрдык» каситтер м-н толуктоодо зор роль ойногон.

Ад.: Троицкий В. Ю., Стилизация в сб.: Слово и образ, М., 1964; Мейерхольд В. Э., О театре, в его кн.: Статьи. Письма. Речи. Беседы, ч. 1, 1891—1917, М., 1968.

СТИЛИСТИКА — 1) тил илимиинин *стиль* изилдөөчү тармагы; тилдин таасирлүү каражаттары ж-а алардын тил м-н пикирлешүүнүн ар кайсы тармактарында колдонулуш жолдору ж-дөгү окуу. Тил илимиинде С-нын стилдердин түрлөрүнө жараша алынган бир нече классификациясы бар. Алардан көбүрөөк колдоого алынганы — акад. В. В. Виноградовдун классификациясы: 1) тил С-сы; 2) кеп (речь) С-сы; 3) көркөм ад-т С-сы.

Ад. к. Стиль макаласынан.

СТИЛИСТИКАЛЫК ФИГУРАЛАР — тилге көркөмдүк берип, анын эмоциялык касиетин жогорулатып, айтылган ойду тереңдетүү каражаттар. Классикалык *стилистика* С. ф-ды көшумча, кыскартуу, үндөштүк, карама-каршы коюу, өзгөрүү деп болуштурөт. С. ф-дын көшумчасына — кабаттоо, анафора, эпифора, шакек, эпанафора, градация; үндөштүгүнө — анноминация, антанаклазис; карама-каршы коюуга — салыштыруу, хиазм; өзгөрүүгө — инверсия, анаколуф кирет. С. ф-лар көркөм ад-тта, сүйлөшкөндө арбын колдонулат.

СТИЛТЬЕС ИНТЕГРАЛЫ — аныкталган интегралдын жалпыланышы. Муну нидерланд математиги Т. Стилтьес 1894-ж. сунуш кылган. $[a, b]$ кесиндисинде аныкталган үзгүлтүксүз f ж-а чектүү өзгөрмөлүү g функциялары берилсин. $[a, b]$ кесиндисин каалагандай n болүкко бөлөбүз: $a = x_0 < x_1 ... < x_n = b$. Бул шартта $[x_{i-1}, x_i]$ кесиндилеринен алынган каалагандай маанилери τ_i үчүн $\delta_n = \sum_{i=1}^{n} f(\tau_i)[g(x_i) - g(x_{i-1})]$ суммасы $\lambda = \max(x_i - x_{i-1})$ болгондо пределге ээ болот. Бул предел f функциясынын g функциясы б-ча С. и. деп аталып, төмөндөгүдөй белгиленет:

$$\int_a^b f(x)dg(x) = \lim_{\lambda \to 0} \sum_{i=1}^{n} f(\tau_i)[g(x_i) - g(x_{i-1})].$$

СТИЛЬ (гр. stýlos — таяк, таякча) — байыркы замандарда ж-а о. кылымда колдонулган учтуу ок (стержень) сымал сөөк же металл жазуу аспабы. Байыркы мезгилдерде эле С. «адабий муун» дегенди туюнткан, кийинчерээк дагы бир топ мааниларге ээ болгон. «Стиль» деген абстрактуу түшүнүк ушул аспаптын атынан келип чыккан.

СТИЛЬ адабият м-н иск-водо — иск-во ж-а ад-т чыг-ларынын биримдигин билдирүүчү образдуу системалардын, ыктардын ж-а көркөм туюндургуч каражаттардын туруктуу бүтүндүгү же жалпылыгы. Ушундай жалпылык таанылчу белгилердин системасы да С. деп аталат. Адабият-та — чыгарманын, жазуучунун, багыттын, улуттук ад-ттын көркөм тилинин («иск-вонун тили» мааниснинде) өзгөчөлүгү. Мис., «„Тоо аясында" романынын стили», «А. Осмоновдун стили», «Ч. Айтматовдун стили», «романтизм стили», «кыргыз ад-тынын стили» деп айтуура болот. С. ж-дөгү окуу байыркы замандардан бери жашап келе жатса да, С. бүгүнкү күнгө чейин так аныктама ала элек. Азыркы учурда С-ге карата айтылган негизги көз караштар: 1) ад-ттагы С-ди тилдеги С-ден айырмалоо керек, б. а. тил илиминдеги стилистиканын өзүнчө, ад-т таануунун бир бөлүгү болгон поэтиканын өзүнчө предметтери бар; 2) С.— форманын категориясы, ал эми метод — турмушту көркөм чагылтуунун идеялык-мазмундук жагы, С.— мазмундуу форманын эстетикалык бүтүндүгү, форма жаратуучу принциптердин («объективдүүлүк м-н субъективдүүлүктүн катышы, шарттуулук-

тун өлчөмү м-н мүнөзү» ж. б.) система болуп түзүлүшү; С-дин форма жаатындагы белүкчөлөрүнө көркөм сөз (тил), интонация, деталдаштыруу, композиция, ритм кирет; 3) С. м-н көркөм методдун өз ара байланышы бир өңчөй эмес; эгер кайсы бир методдор С-дик бир кылкалыкка умтулса, башкаларына, биринчи кезекте реализмге, С-дик көп түрдүүлүк мүнөздүү. Маркстик-лениндик ад-т теориясы С-ди метод, мазмун, жазуучунун көз карашы ж-а талант өзгөчөлүктөрү м-н тыгыз байланышта, улуттук салттардын өтмө катыштыгында түшүндүрөт. Бурж. ад-т илиминде С. метод м-н мазмундан, социалдык-тарыхый негиздеринен ажыраган абалда, адабий чыгарманын «структурасы» катары каралат.

19-к-дын ортосуна чейин **искусстводо** С. категориясы эстетикалык эмгектерде ар түрдүү мааниде колдонулуп келген. Маркстик-лениндик иск-во таануу илими С-ди эстетикалык аң-сезимдин тарыхый жактан шартталган тибинин көркөм чагылышы, кеңири ж-а тарыхый көркөм категория катары карайт. С.— формалык белгилердин системасында корүнгөн, бирок терең социалдык тарыхый негизи бар объективдүү категория. Иск-водогу ар кандай багыттардын күрөшү ж-а жеке чыг-лыктын өсүшү С-ге таасирин тийгизет. С-дин белгилери тарыхый доорго ж-а иск-вонун түрлөрүнө жараша таанылат. Мис., Байыркы грек архаикасынын ж-а классикасынын С-и, эллин С-и, о. кылымдагы роман ж-а *готика* С-и, *ренессанс, барокко*, рококо ж-а жаңы мезгилдеги классицизм С-и. *Кайра жаралуу* доорунда классицизм, барокко, рококо сыяктуу С-дер пластикалык иск-водо кеңири таралган.

Ад.: Античные теории языка и стиля, М.—Л., 1936; Гегель Г. В., Манера, стиль и оригинальность, в его кн.: Эстетика, т. 1, М., 1968; Сакулин П. Н., Теория литературных стилей, М., 1927; Виноградов В. В., Проблема авторства и теория стилей, М., 1961; Ковалёв В., Многообразие стилей в советской литературе, М.—Л., 1965; Лармин О. В., Художественный метод и стиль, М., 1964; Тимофеев Л. И., Советская литература. Метод, стиль, поэтика, М., 1964; Чичерин А. В., Идеи и стиль, М., 1968; Время, пафос, стиль. Художественные течения в современной советской литературе, Сб. ст., М.—Л., 1965; Теория литературы, (кн. 3), М., 1965; Соколов А. Н., Теория стиля, М., 1968; Поспелов Г. Н., Проблемы литературного стиля, М., 1970; Храпченко М. Б., Творческая индивидуальность писателя и развитие литературы, М., 1972; Смена литературных стилей, М., 1974; Теория литературных стилей, т. 1, М., 1976; Проблемы художественной формы социалистического реализма, т. 1—2, М., 1971—72.

СТИЛЬ тилдик — 1) тилдин белгилүү бир типтүү социалдык шартта (тиричиликте, үй-бүлөдө, официалдуу-ишкер чөйрөдө ж. б.) колдонулучу бир түрү. Ал ошол эле тилдин башка түрүнөн өзүнө таандык лексикалык, граммат., фонет. белгилери м-н айырмаланат. С. «тил» деген түшүнүктүн өзүнө, о. эле тилдик нормага жараша аныкталат. Эгер жалпы элдик кеп бузулбай, туура нормада берилсе, анда С. жалпы элдик тилдин бир түрү, ал эми кыйла тар — адабий туура кеп формасында келсе, С. адабий тилдин эле бир түрү болот. С. ушул белгилерине жараша классификацияланат. Азыркы өорчүгөн улуттук тилдерде үч чоң С. бар: бейтарап-сүйлөшүү (же сүйлөшүү) С., «көтөрүңкү» — китептик С., «басыңкы» — карапайым жөнөкөй С. С-де ушундай түрлөр болгонуна жараша бир эле предмет ар кайсы стилде ар башкача сыпатталып калышы мүмкүн (салыштыр: асман — кок — обо). Бул көркөм сөздүн перселерди сыпаттоочу бай каражатка ээ экенин айкындайт. Ар бир негизги С-дин бири бирине так айырмаланбаган айрым белүкчөлөрү болот.

Китептик С. ил., газета-публ., официалдуу иш С-и ж. б.; карапайым-жөнөкөй тил С. сүйлөшмө-эркин, жөнөкөй тил, студенттик жаргон С-и дегендей белүкчөлөрдөн турат. С-дерди жогорудагыдай белүкчөлөрү м-н кошо сов. тил илими функциялык С. деп да атайт. С. тил системасы тил каражаттарын тандоого мүмкүндүк берген жерде гана болушу мүмкүн. Ушуга байланыштуу С. тарыхый түшүнүк катары каралат. Үч С-дин үч башка тарыхый булагы бар. Китеп С-и адабий жазма тилдин, бейтарап-сүйлөшүү С-и жалпы элдик тилдин, жөнөкөй тил С-и шаар калкынын жөнөкөй тилинин жаралышы м-н кошо пайда болгон. С. ж-а анын түрлөрү стилистика тармагында изилденет.

2) Сүйлөөнүн же жазуунун өзүнө бир манерасы, тигил же бул коомдук чөйрөгө же кырдаалга карата тилди пайдалануунун ыгы, жолу.

3) Атайын бир максатта тил каражаттарын тандоодон келип чыккан бардык тил системасынын, ошонун ичинде жасалма тилдин 2-даражасы.

Ад.: Будагов Р. А., Литературные языки и языковые стили, М., 1967; Юнусалиев Б. М., О стилевой дифференциации киргизского литературного языка, в кн.: Развитие стилистических систем литературных языков народов СССР, Аш., 1968, с. 183—193.

СТИМУЛ (лат. stimulus, сөзмо-сөз — мал айдоочу ийне таяк, шапалак) — иш-аракетти, жүрүм-турумду шарттаган себеп. С. материалдык ж-а моралдык түрдө болот.

СТИПЕНДИЯ (лат. Stipendium — төлөө, маяна) — окуучуларга (адатта атайын орто ж-а жог. окуу жайларда) студенттерге, аспиранттарга айына берилүүчү акчалай жардам. СССРде ж-а элдик демокр. өлкөлөрдө С-ның мамл. системасы бар. С. мамл. бюджеттин эсебинен төлөнөт. Мыкты окуп, коомдук иштерге активдүү катышкандарга жогорулатылган С. төлөнөт. Капит. мамлекеттерде С. мамлекеттин, монополиянын, кайыр-садаганын, жеке адамдардын эсебинен төлөнөт.

СТИРЛИНГ ФОРМУЛАСЫ — кобойтүүчүлөрүнүн саны өтө көп болгондо $1\cdot2\cdot\ldots\cdot n=n!$ n натуралдык сандарынын көбөйтүндүлөрүнүн жакындаштырылган маанисин табуучу формула. С. ф. төмөнкүчө жазылат: $n!\approx\sqrt{2\pi n}n^n e^{-n}$, мында $\pi=3{,}14159\ldots$, $e=2{,}71828$. С. ф-н 1730-ж. шотланд математиги М. Стирлинг тапкан. Формула ыктымалдык теориясы м-н матем. статистикада көп колдонулат.

СТИРОЛ, фенилэтилен, винилбензол — мүнөздүү жыты бар түссүз суюктук, эрүү t — 30,6°С, кайноо t 145,2°С, тыгыз. 0906 *г/см³* (20°С), сууда эрибейт. Орг. эриткичтер м-н аралашат; оңой кычкылданат, галогендер м-н кошулат, түрдүү мономерлер м-н полимерленет ж-а сополимерленет. Өндүрүштө С. 500—630°Сде этилбензолду суу буусунун агымында катализдик дегидрлөөдөн алынат. Негизинен полистиролду, о. эле түрдүү сополимерлерди (бутадиен-стирол каучугу, полиэфир чайыры ж. б.) алууда колдонулат.



СТИХИЯ (гр. stoichéion—баштат, түпкү негиз, элемент) — 1) байыркы грек философторунун окуусу б-ча — табияттын негизги элементтери. 2) Табияттын токтотуп турганга мүмкүн болбогон көрүнүшү, күчү (мис., бороон). 3) Өтмө мааниде көрүп-билип жүргөн конүмүш чөйрө, шарт (кырдаал), жанга жагымдуу, жакшы тааныш иш, кесип.

СТИХИЯЛУУ МАТЕРИАЛИЗМ—сыртқы дүйнөнүн объективдүү жашашын терең андабай, бүдөмүк ишенимге негизделген, калыпка салынбаган көз караштар жыйындысы. С. м. философия м-н тааныштыгы жок табият таануучу окумуштуулардын атайын ил. изилдөөлөрүндө кезигүүчү филос. негизги проблемаларга (ири алдыда гносеологияга) карата алардын мамилесин мүнөздөйт. Түпкүлүгүндө С. м. ил. изилдөөлөрдө филос. материализмдин айрым маанилүү идеяларынын өзүнөн-өзү келип чыгышын билдирет (мис., жаратылыштагы эволюция идеясы, атомисттик гипотезалар ж. б.). Бирок С. м. сыртқы дүйнөнүн биздин туюмдарга көз каранды эместигине ж-а сезим органдары болмушту туура чагылдырарына ишенүү м-н гана чектелет. Ал аң-сезимдүү түрдө филос. матер. позицияга көтөрүлө албайт.

СТОКГОЛЬМ — Швециянын борбор шаары, өлкөнүн башкы экон. ж-а маданий жайы. Автомобиль ж-а т. ж. тоому, порт. Меларен көлү м-н Балтика деңизин туташтыруучу Норстрём салаасынын жээгинде. Аянты 186,4 *км²*, калкы 670 миң; Чоң С-дун (шаар айланасы м-н) аянты 3,5 миң *км²*, калкы 1357 миң (1976).

Азыркы С. аймагында адам жашаган жайлар б. з. алгачкы кылымдарында пайда болгон. Жазма даректерге караганда С. 1252-ж. негизделген. 13-к-дын орто ченинде С. шаар укугун алып, 14-к-дын аягында Швеция королдугунун борбору болгон. 1523-ж. Густав I Ваза Швецияны феодалдык көз карандысыздыктан бошотуп, Швеция королдугун түзгөн. 17-к-да С-дун экон. ж-а саясий ролу өсүп, 17-к-дын 2-жарымынан темир ж-а чоюн экспорттоочу ири шаарга айланган. Швециядагы капит. индустриялаштыруудан улам С-до ири ө. ж. калыптанып, меничик банктар пайда болгон.

1906-ж. С-до РСДРПнин 4-(Бириктирме) съезди өткөн. Шаарда В. И. Ленин печен жолу болгон. 1950-ж. С-до тынчтыкты жактоочулардын Бүткүл дүйн. конгрессинин Туруктуу комитети атом куралына тыюу салуу ж-де үндөө, 1975-ж. жарыша куралдануунун токтотуу, куралсыздануу үчүн деген үндөө кабыл алган. 1967-ж. С-до тынчтыкчыл күчтөрдүн Вьетнам б-ча Бүткүл дүйн. конф-ясы, 1969-ж. Вьетнамды коргоо б-ча ташылык аракет кылуу конф-ясы (ага 50дөн ашуун өлкөнүн өкүлү катышкан) өткөн.

Өлкөдөгү өндүрүлгөн ө. ж. продукциясынын 10% С-го туура келет. Негизги ө. ж. тармактары — машина куруу (электр тех., радио электроника, тамак-аш ө. ж. үчүн жабдуулар, компрессор ж. б.) ж-а металл иштетүү. Полиграфия ө. ж. өнүккөн. Жеңил, фармацевтика ж-а химия ө. ж. иштейт. С-до ири банктар жайгашкан. Эл аралык маанидеги аэропорту бар. Ун-т, башка жог. окуу жайлары, Швеция королдук ИА, Королдук академия, Токой ж-а а. ч., Инженер академиясы ж. б. ил. мекемелер, Улуттук музей, Скансен этногр. музей-паркы, ири китепканалар, 25тен ашык театр ж. б. иштейт.

Ад.: Хомутецкий Н. Ф., Стокгольм, Л., 1969.

СТОКГОЛЬМ ЧАКЫРЫГЫ — атом куралына тыюу салууну, ага эл аралык бекем контроль орнотууну ж-а кандайдыр бир өлкөгө каршы атом куралын биринчи колдонгон өкмөттү согуш кылмышкери деп жарыялоону талап кылган Тынчтыкты жактоочулардын бүткүл дүйн. конгрессинин Туруктуу комитетинин кайрылуусу. С. ч. Туруктуу комитеттин 1950-ж. 15—19-мартта Стокгольмдо өткөн сессиясында кабыл алынган. Чакырыкты Профсоюздардын бүткүл дүйн. федерациясы, Демокр. жаштардын бүткүл дүйн. федерациясы, Аялдардын эл аралык демокр. федерациясы ж. б. 1950-жылдын мартынан ноябрына чейин чакырыкка 500 млн-дой адам (СССРден 115 514 703 адам, б. а. өлкөнүн эр жеткен бардык адамы) кол койгон.

1975-ж. 31-май — 2-июнда Тынчтыктын бүткүл дүйн. советинин Президиумунун сессиясы болуп, С. ч-ның 25 жылдыгы белгиленген. Президиум жарыша куралдануунун каршы күрөшүү үчүн тынчтыкты ж-а адамзаттын прогрессин жактоочу бардык өкмөттөргө, коомдук кыймылдар м-н үюмдарга күч бириктирүү чакырыгы м-н кайрылган. Бул чакырык жаңы Стокгольм үндөөсү катары кабыл алынып, тынчтыкты сүйгөн прогрессчил күчтөрдүн кеңири колдоосуна ээ болду.

СТОКС (бирдик) — бирдиктердин СГС системасындагы кинематикалык *илээшкектиктин* бирдиги. 1 ст=10^{-4} *м²/сек*.

СТОКС ЗАКОНУ — илээшкек суюктуктун ичиндеги катуу шардын бир калыпта алга жылуу кыймылына каршылык көрсөтүүчү F күчүн аныктоочу закон: $F=6\pi\mu rv$, мында μ — суюктуктун илээшкектик коэффициенти, r — шардын радиусу, v — анын ылдамдыгы. Бул формуланы 1851-ж. англис физиги Ж. Стокс аныктаган. С. з. коллоиддик химияда, мол. физикада, метеорологияда ж-а өтө илээшкек суюктуктардын илээшкектик коэффициентин аныктоо үчүн вискозиметрияда колдонулат.

СТОКС ФОРМУЛАСЫ — L туюк контур б-ча алынган ийри сызыктуу интегралды өтмө контур м-н чектелген Σ беттик интегралга өзгөртүп түзүү формуласы. С. ф. төмөнкүдөй жазылат:

$$\int_L Pdx+Qdy+Rdz=\iint_\Sigma \left(\frac{\partial Q}{\partial x}-\frac{\partial P}{\partial y}\right)dxdy+$$
$$+\left(\frac{\partial R}{\partial y}-\frac{\partial Q}{\partial z}\right)dydz+\left(\frac{\partial P}{\partial z}-\frac{\partial R}{\partial x}\right)dzdx,$$

мында L контурун айлануу багыты Σ бетинин багыты м-н бирдей болуу керек. С. ф-ның физ. маанисн вектордук талаанын L контуру б-ча циркуляциясы Σ бет б-ча өтүүчү талаанын агымына барабардыгында. Муну англис физиги Т. Стокс 1854-ж. сунуш кылган.

СТОКС ЭРЕЖЕСИ — фотолюминесценциянын толкун узундугу дүүлүктүргүч жарыктын толкун узундугунан чоң экендигин аныктоочу ереже. Ал чоң экендигин англис физиги Ж. Стокс белгилеген. С. э. ар дайым эле аткарылбейт. С. э. немец физиги Э. Ломмелдин аныктамасында: «люминесценция спектрinin максимуму жутуу спектрдин максимумуна карата узун толкун тарапка жылышкан» — деп айтылат. С. э. физиканын түрдүү тармагында кеңири колдонулат.

СТОЛБОВ ТЫНЧТЫГЫ (1617) — 27-февралда Столбов кыш-нда (Тихвиндин жаны) Россия м-н Швеция ортосунда түзүлгөн тынчтык келишими. Ал б-ча Швеция Россияга Новгородду, Старая Руссаны, Порховду, Ладоганы ж-а Гдовду уезддери м-н жана Сумерский волостун кайтарып берген. Швецияга Ижор ж-а Корела ш. уезди м-н калган. С. т. б-ча белгиленген чек ара *Түндүк согушка (1700—21)* чейин сакталган.

Ад.: Шаскольский И. П., Столбовский мир 1617 и торговые отношения России со Шведским государством, М.—Л., 1964.

СТОЛБУР — ит жүзүмдөр тукумундагы өсүмдүктөрдүн (томат, картошка, калемпир, баклажан) жугуштуу илдети. С-дун козгогучу — ит жүзүм вирусу. Илдеттүү өсүмдүк саргаят, начар өсөт, жалбырактары кичирейип, өртосу түссүзденүп, четки кызарат; гүлүнүн формасы бузулуп, томаттын сулуу катууланат, желбейт; картошка томпоюп, ичке сойгок пайда болот. С. козгогучу талаа чымроогу ж. б. өтоо чөптүн тамырында кыштайт. Вирусту тараткыч — цикадка курту. Илдетке чалдыккан өсүмдүктүн түшүмү өтө азаят. Күрөш чарасы: культивациялоо, терең тоңдурма айдоо, талааны өтоо чөптөн ж-а цикадка куртунан тазалоо, илдетке туруктуу сорт өстүрүү.

Ад.: Кривин В. Г., Столбур томатов и меры борьбы с ним, М., 1957.

«СТОЛБЫ» КОРУГУ Енисейдин оң жээгинде, Красноярск ш-нан 3 *км* түш.-батышта жайгашкан. Аянты 47,2 миң *га* (1975). Чыгыш Саяндын түп.-батыш тармагынын табигый байлыгын коргоо үчүн 1925-ж. уюшулган. Анда негизинен карагай, кызыл карагай, мырза карагай, сибирь кедри ж. б. өсөт. Жаныбарлардан бугу, кабарга, элик, булгун, кызыл күсөн, сүлөөсүн, кундуз, күрөң аюу, чил, көрөцкур ж. б. жашайт. Коркута көп жылдык маанилүү ил. иш жүргүзүлүүдө. 1940-жылдан «Эмгектер» чыгарылат.

Ад.: Заповедники Советского Союза, под ред. А. Г. Банникова, М., 1969.

СТОЛЕТОВ Александр Григорьевич [29. 7(10. 8). 1839, Владимир—15(27). 5. 1896, Москва] — орус физиги. Москва ун-тин бүткөн (1860). 1862—66-жж. Берлинде Г. Г. Магнустан, Гейдельбергде Г. Кирхгофтон, Гёттингендеде В. Веберден таалим алган. 1866-жылдан Москва ун-тинде окутуучу, проф. (1873). С-дун изилдөөлөрү негизинен *магнетизм* м-н электр проблемаларына арналган. 1876-ж. электр-магнит ж-а электр-статикалык бирдиктердин катышын ченеген. Аны дүйнөгө тааныткан фотоэффектти изилдөөлөрү 1888-ж. башталган. 1882—94-ж. *кривис абалды* аныктоо методун изилдеген. С. ил.-уюштуруучулук ж-а пед.



Стокгольм ш-ның Шлюссен р-ну.

иштерде да көп эмгектенген. Москва ун-тинде физ. лабор-яны уюштурган (1872) ж-а ун-ттин физ. ин-тун түзүүнүн демилгечиси болгон.

СТОЛЫПИНДИК АГРАРДЫК РЕФОРМА — 1906—17-ж. Россияда дыйкандардын жер эзелги ж-дөгү бурж. реформа. Аның демилгечиси ж-а жетекчиси Мин. Советинин пред-ли П. А. Столыпин болгон. Реформанын максаты: дыйкан жамаатын бузуу ж-а жерди жеке менчикке бекитүү; жерсиз ж-а жери аз дыйкандарды Сибирь, о. эле олконүн чыгыш райондоруна көчүрүү болгон. Реформа ж-дөгү 1906-ж. 9-ноябрдагы Указды Мамл. совет кубаттап, падыша бекитип, мамл. 3-Дума закон катары кабыл алган (1910-ж. 14-июнь); кийин (1911. 29. 5.) жерди пайдалануу ж-дөгү жобо м-н толукталган. 1916-жылга чейин Россиянын жамаатчы дыйкандарынын 22%нин гана жери жеке менчикке айландырылып, 10% хутор м-н отрубдарга бириккен. Сибирь, О. Азия ж. б. жерлерге көчүрүлгөн 3 млн адамдын 18% кайра келген.

С. а. р. мезгилинде Жети-Суу обл-на келгендер зомбулук м-н 1906—14-жылдары 2 708 226 теше жер алган (Пишпек у-нин Сарыбагыш болушунан 1910—13-ж. 48 216 теше, Сусамыр болушунан 1912-ж. эле 98 466 теше, Пишпек у. б-ча 712 миң теше, Пржевальск у. б-ча 422 627 теше). 1913—15-ж. Фергана өрөөнүндөгү кыргыздардан 81 миң теше жер болуштуруп алынып, ал жерлерде келгиндердин 46 кыштагы пайда болгон. Мындан башка зор жер участкалары казыналык деп аталган фондуга кесилип алынган. Пишпек ж-а Пржевальск у-дериндеги бул фондуга 352 440 теше жер өткөн. Реформа агрардык маселени чече да, жакы рев-йнын өсүшүн токтото да алган эмес. Ал айылдагы таптык карама-каршылыкты күчөткөн. С. а. р-нын ойрон болушу жеке бийликти жоймоюнча агрардык маселени чечүү мүмкүн эместигин көрсөткөн.

Лит.: Ленин В. И., Азыркы өкмөттүн агрардык (жалпы) саясаты жөнүндөгү маселеге карата, Чыг., кырг. 1-бас., 19-т.; Дубровский С. М., Столыпинская земельная реформа, М., 1963; Кыргыз ССР тарыхы, 1-т., Фр., 1973.

СТОЛЯРОВ Николай Георгиевич (22. 5. 1922-ж. т., Казан) — сов. аскер учкучу, эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1944, 1945), подполковник (1953). 1944-жылдан КПСС мүчөсү. 1941-ж. апрелден Сов. Армияда. Свердлов аскер авиация мектебин (1941) бүткөн. Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) учкучтан эскадрильянын командирлигине чейин жеткен. Калинин, Воронеж, Талаа, 2- ж-а 1-Украин фронтторунда салгылашып, 180ден ашык согуштук учуш жасаган. Согуштан кийин штурмандардын жог. офицердик Полтава мектебин (1946) ж-а Аскер-Аба академиясын (1954) бүткөн. Авиаполктун штурманы ж-а анын командирине орун басар. 1956-жылдан запаста. Ленин ордени, 2 Кызыл Туу, 1- ж-а 2-дараж. Ата Мекендик Согуш, Александр Невский ордендери м-н сыйланган.

СТОМАТИТ, оозуул (гр. stóma — ооз) — киши м-н малдын ооз көңдөйүнүн былжыр челинин сезгении, *дистрофияга* чалдыгышы м-н мүнөздөлгөн ооруу, к. *Оозул.*

СТОМАТОЛОГИЯ (гр. stóma—ооз ж-а *...логия*) — медицинанын ооз көңдөйүндөгү органдардын ж-а жаак-беттин түзүлүшүн, физиологиясын, ооруларын ж-а аларды дарылоону үйрөтүүчү тармагы; о. эле аның милдетине тишке пломба коюу ж-а тишти протездөө үчүн жаңы материалдарды иштеп чыгуу да кирет. С. терапиялык (тиш ж-а ооз көңдөйүнүн ооруларынын диагнозун коюу, аларды алдын алуу ж-а дарылоо), хирургиялык (тишти сууруп таштоо, жаак-бетке операция жасоо ж. б.), ортопедиялык (тиш ж-а жаак-беттин кемтигин оңдоо) ж-а балдар С-сы болуп бөлүнөт. Россияда 1917-жылга чейин 20 тиш врач мектеби болгон. С. Окт. рев-йсынан кийин өнүктү. Москвада (1921), Ленинградда (1927) Мамл. тиш дарылоо ин-ттары ачылган. 1975-ж. СССРде 2 С. ин-ту, мед. ин-ттардын 33 С. ф-тети, бир млн-дон ашуун жог. ж-а орто билимдүү стоматолог болгон. Кырг-нда (Пишпекте) рев-яга чейин 1 гана тиш дарыгери иштеген. 1936-ж. тиш врачтык 1 амбулатория, 13 кабинетте 25 врач, 9 техник иштесе, 1976-ж. респ-када 462 стоматолог эмгектенген. Респ-калык клиникалык оорукананын алдында жаак-бет хирургия бөлүмү ж-а респ-калык С-лык кеңеш берүү поликлиникасы бар. Респ-ка үчүн тиш техниктерин Фрунзе мед. окуу жайы, врач-стоматологдорду КММИнин С. ф-тети даярдайт.

Лит.: Евдокимов А. И., Настоящее и прошлое советской стоматологии (1917—1967), «Стоматология», 1967, № 5; Важанов Н. Н., Стоматология, М., 1970; Нишанов К. Н., Исторический очерк развития стоматологической помощи населению Киргизии, Фр., 1973.

СТОПА (ыр түзүлүшүндө) — ыр сабындагы күчтүү ж-а солгун жерлердин айкашы. С. — метр өлчөмүндөгү ыр саптарынын өлчөмдөштүгүнүн шарттуу бирдиги, б. а. күчтүү ж-а солгун жерлердин тизмектешип келиши; мындай тизмектешүү метрдик ж-а силлабика-тоникалык ыр түзүлүшүнүн негизинде жатат. Метрикалык ыр түзүлүшүндө С-лар узактыгы б-ча бирдей, бирок муун сандары б-ча ар түрдүү (мис., гекзаметр С-сы — ◡◡ жө——түрүндө), силлабика-тоникалык ыр түзүлүшүндө муун сандары бирдей, бирок басымдардын саны ж-а орду б-ча ар түрдүү болушу мүмкүн (мис., ямба С-сы ◡◡, ◡◡ же ◡◡ б. а. «С.» деген түшүнүк метрдик ж-а силлабика-тоникалык ыр түзүлүшүндө ар түрдүү маанless ээ.

СТОЯНОВ Людмил (чын аты-жөнү— Георги Стоянов Златаров; б. 2. 1886, Ковачевица, Благоевград округу — 11. 4. 1973, София) — болгар жазуучусу, коомдук ишмер, Болгария ИАның акад. (1946), БЭРдин Соц. Эмг. Баатыры (1963), Болгар мад-тының элдик ишмери (1963). 1944-жылдан Болгар компартиясына мүчө. Чыг-лыгын 1905-жылдан баштаган. Аның «Жердеги тиричилик» (1939) ыр жыйнагы, «Полковник Матовдун күмүш тою» (1933), «Холера» (1935) сыяктуу чыг-лары бар. С. 30-жылдардан баштап антифаш. кыймылга белсене катышып, «Маятниктин жолу» макала жыйнагын (1946), «Таңда» романын (1945), «Бала чак» автобиогр. повестин (1962) ж. б. чыг-ларды жаратkан. С. котормочу катары да белгилүү. С. БЭР жазуучулар союзуна пред-ль (1946—48), Жог. элдик (1946), Элдик чогулушка (3-шайл.) депутат болгон. 1950-жылдан Тынчтыктын бүткүл дүйн. Советинин мүчөсү. Димитров (1950), Горький сыйлыктарын (1972) алган. Үч Георгий Димитров ордени ж-а медалдар м-н, болгар-совет достугун чыңдоодогу көшкөн салымы үчүн Эмгек Кызыл Туу ордени (1948) м-н сыйланган.

Чыг.: Избр. произв., т. 1—6, София, 1952—56; в рус. пер. — Избранное, М., 1953; Избр. проза, М., 1970.

Лит.: Злыднев В. И., Л. Стоянов, в кн.: Очерки истории болгарской литературы XIX—XX вв., М., 1959; его же, Связи Л. Стоянова с русской литературой, в его кн.: Русско-болгарские литературные связи XX в., М., 1964; Лихачёва Л., Стоянов. Биобиблиогр. указатель, М., 1964.

СТРАВИНСКИЙ Игорь Фёдорович [5(17). 6. 1882, Ораниенбаум, азыркы Ломоносов ш.— 6. 4. 1971, Нью-Йорк, соогу Венецияга көчүлгөн] — орус композитору, дирижёр. Композиция б-ча Н. А. Римский-Корсаковдон таалим алган. Оркестр үчүн жазылган «Фантастикалык скерцо» ж-а «Фейерверк» фантазиясы (1908) — алгачкы чыг-лары. Парижде «Зымырык куш» (1910), «Петрушка» (1911), «Каспеттүү жаз» (1913) балеттеринин премьерасы көюлуп, дүйн. атакка ээ болгон. 1910-жылдан чет өлкөдө жашап, концерттик ишмердигин уланткан. 20—50-жылдары «Эдип падыша» опера-ораториясын, «Орфей» балетин, 2 симфония, оркестр үчүн концерттер ж. б. жазган. 1962-ж. СССРге автордук концерт м-н келген.

Лит.: И. Ф. Стравинский. Статьи и материалы, М., 1973.

СТРАДИВАРИ, Страдивариус Антонио [болжол м-н 1643 (же 1648, 1649), Кремона — 18. 12. 1737, ошол эле жер] — италян скрипка устасы. Н. Аматинин шакирти. С. Кремона ш-нда менчик өнөркана ачкан (1667-ж. ченде). 1704—25-ж. концерттик сапаты мыкты, ачык тембрлүү скрипкаларды, о. эле виолончель ж-а альттарды жасаган. Москвадагы сейрек учуроочу муз. аспаптардын мамл. коллекциясында аның бир нече скрипка, альт, виолончели сакталган. С-ден уулдары Франческо (1671—1743) м-н Омобоно (1679—1742), о. эле К. Бергонци таалим алган.

СТРАЖЕСКО Николай Дмитриевич [17(29). 12. 1876, Одесса — 27. 6. 1952, Киев] — сов. терапевт, СССР ИАның (1943), УССР ИАның (1934), СССР МИАның акад. (1944), Соц. Эмг. Баатыры (1947). Киев ун-тинин мед. ф-тетин бүтүп (1899), В. П. *Образцовдун* клиникасында, И. П. *Павловдун* лабор-ясында иштеген. Киевде аялдардын мед. курсунун (1907), Одессадагы Новороссийск ун-тинин (1919) проф. 1922-жылдан Киев мед. ин-тунда иштеп, 1929-жылдан ф-теттик терапия кафедрасын, 1934-жылдан УССР ИАның Клиникалык физиол. ин-тунда бөлүмүн башкарган. 1936—41 ж-а 1943-жылдан Украина клиникалык медицина ин-тунда (1955-жылдан С-нун ысымында) директор. С-нун негизги ил. эмгектери стенокардия, жүрөк инфаркты, кызыл жүгүрүк, сепсис ж. б. ооруларга арналган. Эки Ленин ордени, башка орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Избр. труды, т. 1—2, К., 1955—56.

Лит.: Дупленко К. Ф., Михнев А. Л., Н. Д. Стражеско, М., 1969.

СТРАСБУР, Страсбург — Франциядагы шаар. Иль суусу Рейн д-на куяр жерде. Калкы 395 миң (шаар айланасы м-н, 1972). Маанисин б-ча 2-орундагы (Парижден кийин) дарыя порту. Жолдор тоому. Машина куруу (автомобиль, дарыя кемеси ж. б.), текстиль, жыгач иштетүү, тамак-аш ж-а нефть о. ж. ишканалары иштейт. Ун-т, консерватория бар. Шаарда архра эстеликтери сакталган.

СТРАТЕГИЯ согуштук — согуш өнөрүнүн составдуу бөлүгү ж-а жог. тармагы. Ал жүралдуу күчтөрдү согушка даярдоо, аны пландаштыруу, жүргүзүү теориясы ж-а практикасы маселелерин камтыйт. С. мамлекеттин саясаты м-н тыгыз байланышат, ага түздөн-түз баш нет ж-а согуш доктринасынын таламдарына туура келет. С. саясат койгон милдеттерди айкын аткарат. Бурж. С. империализмдин таптык кызыкчылыгын коргоого багытталат. Сов. С. башка соц. өлкөлөрдүкү сыяктуу эле эмгекчилердин соц. жеңиштерин ж-а дүйнөдө тынчтыкты сактоо максатын көздейт. С. экономика м-н тыгыз байланыштуу ж-а өндүрүштүн өнүгүү деңгээлине, элдин моралдык мүмкүнчүлүктөрүнө көз каранды. С. кол башчылардын, мамл. жетекчилердин согуш өнөрү ж-а практикалык иши катары байыркы мезгилде эле пайда болуп, коомдук-экон. формацияларды алмашыны м-н аның мүнөзү, мазмуну да өзгөрүп келген. Азыркы импер. мамлекеттердин С-сы агрессиячыл мүнөздө болуп, соц. өлкөлөргө ж-а улуттук коз карандысыздык үчүн күрөшкөн элдерге каршы багытталган. 20-к-дын 60—70-ж. АКШда СССР ж. б. соц. кызматташтык өлкөлөрүнүн согуш о. ж. объектилерине ядролук сокку уруу, «топтоштуруп оч алуу», «кылдат жооп кайтаруу», «реалдуу коркутуу» деген ар түрдүү С-лык концепциялар пайда болду. Сов. С. империализмдин агрессиячыл саясатына байланыштуу Сов. Союзунун ж. б. соц. өлкөлөрдүн коргонуу жөндөмдүүлүгүн чыңдоого багытталган.

СТРАТИГРАФИЯ (лат. stratum — төшөө, кабат ж-а *...графия*) — чөкмө тоо тектердин пайда болушунун ыраатуулугун, салыштырмалуу геол. жашын, фациялык өзгөрүүсүн изилдөөчү илим; геологиянын бир тармагы. С. *геохронология* ж-а *палеонтология* илимдери м-н тыгыз байланышта. Геол. съёмка С-нын негизинде жүргүзүлөт.

17-к-да даниялык окумуштуу Н. Стено С-нын өзүнчө илим катары калыптануучу айрым маселелерин иштеп чыгып, тоо тек каббатарынын ыраатуулук м-н жайгашуу закону кабат жө төшөлүп жаткан деген сөз м-н байланыштырган. Бирок, С-га ил. жактан негиз салышкандар 18-к-дагы немец окумуштуулары И. Леман, Г. Фюксель ж-а орус окумуштуусу М. В. Ломоносов болгон. 18—19-к-да англ. инженер У. Смит биринчи жолу чөкмө тоо тектердин ыраатуулук м-н пайда болушун ж-а жашын палеонтологиялык ыкма м-н аныктоону сунуш кылган. Ал 19-к-дын биринчи жарымынан баштап франц. илимпоздор Ж. Кювье, А. Броньяр, А. д'Орбиньи, англ. окумуштуулар Р. Мурчисон, А. Сежвик, немец А. Оппель ж-а орус геологдору Н. М. Языков, Д. И. Соколовдор тарабынан колдоого алынган. 18-к-дын акырында Батыш Европанын аймагындагы тоо тектер б-ча биринчилик (азыркы палеозой); экинчилик (мезозой); үчүнчүлүк (кайнозой) деп үч С-лык бөлүм кабыл алынган. Кийин биринчи ж-а экинчи бөлүм өз ааниси жоготуп, 1759-ж. италян геологу Ардупо сунуш кылган үчүнчүлүк мезгили азыркы кезге чейин колдонулууда.

С-нын негизги максаты — тоо тек катмарлары деформацияга дуушар болбогон учурда алардын астыңкы кабаты үстүнкүсүнө караганда мурда пайда боло турганын негиз кылып, тоо тектердин катмарлануу закон ченемин аныктап, оншоун негизинде бассейиндердеги байыркы геол. мезгилдерде пайда болгон тоо тектердин ыраатуулук м-н жайгашуусун изилдеп, С-лык колонка түзүү. Геол. кесилишти ж-а С-лык колонканы түзүүдө бир нече метод колдонулат. Алардын ичинен эң тагы — палеонтологиялык метод. Ал чөкмө тоо тектердин арасындагы белгилүү бир мезгилде жашап, кайра кайталанбаган байыркы организмдердин ташка айланган калдыктарын изилдөөго негизделген. Ташка айланган организмдердин калдыктары сакталбай, ото метаморфизмделген эң байыркы тоо тектердин жашы алардын составындагы хим. элементтердин (уран, торий, рубидий ж. б.) радиоактивдүү ажыроосуна карай аныкталат. Азыркы кезде С. биология, химия, ядро физикасы ж. б. илимдерге таянып өнүгүүдө. Геологдордун изилдөөлөрүнүн натыйжасында жер кыртышындагы тоо тек кабаттарынын пайда болуу ыраатуулугу аныкталып, С-лык ж-а геохронологиялык шкалалар түзүлгөн. Ал 1881-ж. Болоньеде өткөн эл аралык геол. 2-конгрессте бекитилип, бүткүл дүйнөдө жалпы кабыл алынды. Кырг-ндын С-сын алгачкы изилдөөчүлөр И. В. Мушкетов, Г. Д. Романовский, Д. В. Наливкин, В. А. Николаев ж. б-лар баалуу салымдарды коштушкан. Азыр Кыргыз ССР ИАның Эмгек Кызыл Туу ордендүү М. М. Адышев атн. Геол. ин-ту ж-а Кыргыз ССР геол. башкармасы тарабынан изилдөө иштери жүргүзүлөт. Кырг-ндын аймагынын С-сын түзүүдө М. М. *Адышев*, У. *Асаналиев*, В. Г. Королёв, В. И. Клауф, А. *Бакиров*, К. Сагындыков, К. Д. *Помазков* ж. б. геологдордун эмгектери зор.

Лит.: Жиньо М., Стратиграфическая геология, пер. с франц., М., 1952; Леонов Г. П., Основы стратиграфии, т. 1—2, М., 1973—74; Геология СССР, т. 25, М., 1972.

СТРАТИГРАФИЯ (археологияда) — маданий катмарлар м-н байыркы көрүстөндөрдүн бири бирине ж-а геол. катмарларга карата кезектешкен жайгашуу тартиби. С. маалыматтары хронологиялык ж-а тарыхый жыйынтык чыгарууда ото маанилүү. С. маалыматтарынын жардамы м-н таш кылымынын салыштырмалуу, андан соң абс. хронологиясы аныкталып, аның доорлорго бөлүштүрүлүшү негизделген.

СТРАТИГРАФИЯЛЫК ШКАЛА — корреляциянын бардык методдоруна таянып, Жер шары үчүн жалпы жыйынтыкталган стратиграфиялык кесилишти түзүү, оншоун негизинде түрүктүү стратиграфиялык бөлүнүштөргө ажыратуу, к. *Геохронология, Стратиграфия.*

СТРАТОСТАТ — *стратосфера*, б. а. 11000 жден ашык бийиктикке көтөрүлүүчү өркин *аэростат.* Адам түшө турган С-тын гондоласы жылчыксыз жасалып, жашоону камсыз кылуучу шарт түзүлөт. С-тын аба толтурулган кабыкчасынын толук көлөмү көтөрүлүү бийиктигине ж-а учуудагы массасына карата 14000ден 105000 м³го чейин болот. Стратосфераның төмөнкү катмарына чейин гана көтөрүлө турган С. субстратостат деп аталат. С-ка орнотулган ил. аппаратура аркылуу аба агымы, космос радиациясы ж. б. изилденет.

СТРАТОСФЕРА (лат. stratum — катмар ж-а гр. sphaíra — шар) — атм-раның тропосфера м-н мезосфераның ортосундагы катмары (8—16 кмден 45 кмге чейин). С-нын темп-расы негизинен бийиктеген сайын жогорулайт: төмөнкү бөлүгүндө темп-ра —45°Сден —75°Сге чейин, жог. катмарында (озондун атм-рада көбөйүшүнөн) 55°Сге чейин жетет. С-да суу буусу аз, булут жок, бийиктеген сайын озон көбөйөт.



Н. М. Страхов.



Ф. А. Стрельников.

СТРАУТМАНИС Пётр Якубович (24. 4. 1919-ж. т., Латыш ССРи, Кулдигск р-ну, Бас айыл совети) — сов. мамлекеттик ж-а парт. ишмер. 1944-жылдан КПСС мүчөсү. Дыйкандын үй-бүлөсүнөн. КПСС БКга караштуу Жог. партиялык мектепти бүткөн (1954). 1937-жылдан байларга жалчы жүргөн. 1940-ж. Латвия Коммунисттик Жаштар Союзуна өткөн. Латвияда Совет бийлиги калыбына келтирилгенден (1940, июль), кийин Талсен у-дик комсомол комитетинин бөлүм башчысы. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде Сов. Армиянын катарында (1941—43), Латвиянын оккупацияланган аймагында партизандык отряддын командири (1943—44). 1944-жылдан партиянын Валк укомунда инструктор, уездик газетанын редактору. 1950—60-ж. партиянын Апе райкомунун биринчи секретары, Латвия КП БКнын бөлүм башчысы, Латыш ССРинин совхоздор министри. 1960—65-ж. Латвия КП БКнын секретары. 1965—74-ж. Латыш ССР Мин. Советинин пред-линин биринчи орун басары. 1974-жылдан Латыш ССР Жог. Советинин Президиумунун пред-ли, СССР Жог. Советинин Президиумунун пред-линин орун басары. 1976-жылдан КПСС Борб. текшерүү комиссиясынын мүчөсү. Латвия КП БКнын бюро мүчөсү. СССР Жог. Советинин (7—10-шайл.) депутаты. Ленин ордени, Октябрь Революциясы ордени, башка 5 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

СТРАХОВ Николай Михайлович [2 (15). 4. 1900-ж. т., Орёл обл.] — сов. геолог ж-а геохимик, СССР ИАнын акад. (1953; корр. мүчө, 1946). Москва ун-тин бүткөн (1928). 1934-жылдан СССР ИАнын Геол. ин-тунда иштейт. Азыркы *литологияны* түзүүчүлөрдүн бири. Байыркы чөкмө тектердин пайда болуу процессин аныктоодо салыштырма-литологиялык ыкманы пайдаланып өркүтткөн. Негизги эмгектери Каспий ж-а Кара деңиздердеги, материктик ички көлдөрдөгү, о. эле Тынч, Атлантика, Инди океандарындагы азыркы чөгүндүлөрдүн генезисин изилдөөгө арналган. Литогенездин 4 типи ж-дөгү идеяны негиздеп, *диагенез, залогенез* теорияларын иштеп чыккан. Күйүүчү газ, туз, темир ж-а марганец рудаларын изилдеген. Чөкмө тектердин геохимиясынын өнүгүшүнө олуттуу салым кошкон. Ленин-дик (1961) ж-а СССР мамл. (1948) сыйл. лауреаты. С. үч Ленин ордени, 2 Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Эмг.: Геологическое строение и история развития Чёрного моря, М.—Л., 1938 (совм. с А. Д. Архангельским); Железорудные фации и их аналоги в истории Земли, М., 1947; Основы исторической геологии, 3 изд., ч. 1—2, М.—Л., 1948; Очерки геохимии верхне-палеозойских отложений гумидного типа, М., 1959 (совм. с Э. С. Залманзон и М. А. Глаголевой); Основы теории литогенеза, т. 1—3, М., 1960—62.

Лит.: Николай Михайлович Страхов, М., 1957 (АН СССР. Материалы к биобиблиографии учёных СССР. Серия геологических наук, в. 12).

СТРЕЛЕЦТЕР, аткычтар — 16—18-к-дын башында атма куралдар м-н жабдыкталган орус аскерлери. 16-к-дын 40—50-жылдары жазалоочулар (пищальниктер) отрядынын негизинде түзүлгөн. С. адегенде эркин посад ж-а кыштак калкынан алынып, укумдан тукумга өтүп, өмүр бою кызмат өтөшкөн. Кыштактарда жашап, казынадан акчалай акы, айрымдары анын ордуна жер алышкан. С. тандалма (кийинчерээк москвалык) ж-а шаардык (Россиянын ар кайсы шаарларында) болуп бөлүнгөн. Москвалык С. Кремлди кайтарып, күзөтчүлүк кызматты, шаардык С. гарнизондо ж-а чек арада кызмат өтөп, жерг. админ. органдардын буйруктарын аткарган. С. тынч мезгилде стрелецтер приказына (Россия өкмөтүнүн борбордук мекемелеринин бири), согуш мезгилинде аскер башчысына баш ийген. Аскер турмушунун оордугунан, жерг. башкаруучулардын зордук-зомбулугунан улам С. (өзгөчө аның жакырданган бөлүгү) 17-к-дагы дыйкан согуштарына, шаардык көтөрүлүштөрго [к. *Стрелецтер (аткычтар) көтөрүлүшү (1698), Астрахань көтөрүлүшү (1705—06)*] катышкан. Стрелец аскерлери 18-к-дын 20-жылдары жоюлса да, шаардык С. айрым жерлерде 18-к. аягына чейин сакталган.

СТРЕЛЕЦТЕР (АТКЫЧТАР) КӨТӨРҮЛҮШҮ (1698) — Москва стрелец (аткыч) полкторунун козголоңу. Бул көтөрүлүштү бурж. историография ж-а сов. кээ бир тарыхчылар Пётр I нин прогрессчил кайра куруусуларына каршы реакциячыл козголоң катары баалаганы м-н чындыгында ал крепостной эзүүгө каршы чыккан. Москва аткычтары Пётр Iнин Азов жүрүштөрүнө (1695—96) катышып, Азовдо гарнизон катары калтырылган. Андан 4 полк 1697-ж. Великие Луки-ге жиберилип, жолдо аябай кыйналган. 1698-ж. мартта арызануу үчүн борборго качып келген аткычтар кайра өз полкторуна жиберилген. Көтөрүлүшчүлөр (4000дей) кайрадан борборго жөнөп, тактыга каныша Софьяны, ал баш тартса, аның көңүлдошу В. В. Голицынды койгулары келген. Өкмөт жиберген 4 полк ж-а дворяндык атчан армия 18-июнда аткычтарды талкалаган. Алардын 1239у өлүм жазасына тартылып, калганы сүргүнгө айдалган.

СТРЕЛЬНИКОВА Феодосия Афанасьевна (27. 8. 1900, Казак ССРи, Кокчо-Тоо обл., Павловка кыш.— 23. 3. 1957, Кыргыз ССРи, Кант р-ну, Аламүдүн кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1957). СССР мамл. сыйл. лауреаты (1951). 1939-жылдан КПСС мүчөсү. 1928-жылдан азыркы Аламүдүн р-нундагы «Аламүдүн» асыл тукум с-зүндө саанчы, 1941-жылдан директор болуп иштеген. 1956-ж. совхоз ар бир саан уйдан 4665 *кг* сүт саан алган. Уйдун ала-тоо породасын чыгарууга катышкан. СССР Жог. Советинин (1—4-шайл.), Кыргыз ССР Жог. Советинин (2, 4-шайл.) депутаты. Үч Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. Мурдагы «Аламүдүн» с-зу, Арашан кыш., андагы орто мектеп аның ысмы м-н аталат.

СТРЕЛЬНИКОВА, Арашан — Аламүдүн р-нундагы Арашан айыл советине караштуу кыштак. Стрельникова атн. с-здун аймагында. Райондун борбору Лебединовкадан 35 *км* түш. тарапта. Фрунзе вокзалынан 30 *км* Калкы 2412 (1979). Орто мектеп, клуб, участкалык оорукана, медпункт бар. Кыштак Соц. Эмг. Баатыры Ф. А. *Стрельникованын* ысмынан аталган.

СТРЕЛЬЧЕНКО Иван Иванович (26. 12. 1932-ж. т., Херсон обл., Голопристанский р-ну, Рыбальче кыш.) — эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1966, 1978), шахтёр дацкынын толук кавалери. 1959-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1948-ж. Херсон кеме куруу з-дунда жыгач усталыктан баштаган. 1955-ж. «Трудовская» шахтасында (Донецк ш.) өткөөлчү, 1957-жылдан бригадир. Анын бригадасы жаңы кен техникасын жайгылыктуу оздоштүрүп, 1966-ж. жог. техника-экон. көрсөткүчтөргө жетишкен. 1976-ж. Донецк политех. ин-тун бүтүрүп, участканын башчысы. 1978-ж. ал башкарган участка эмгек өндүрүмдүүлүгүн, өндүрүштүн патыйжалуулугун жогорулатууда ж-а план таншырмаларын орундатууда көрүнүктүү көрсөткүчтөргө жетишкен. Украина КП БКнын мүчөсү (1966). КПССтин 24-съездинин делегаты. СССР Жог. Советинин (7—8—9-шайл.) депутаты. С-пун туулган жерине коло бюсту орнотулган. Үч Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

СТРЕПТОДЕРМИЯ — терининг ириңдүү ооруларынын бири, к. *Пиодермия.*

СТРЕПТОКОККОЗ — коёндун ж-а канаттуулардын микроб пайда кылчу ылаңы. С. ылаңын илдеттүү коёндор ж-а канаттуулар таратат, булганч тоют ж-а буюм-кечектен да жугат. С-ду пайда кылуучу микробдор организмге теридеги жара аркылуу кирип, тез көбөйө баштайт да, канга тарайт, канда ириң аралаш микроб көбөйөт. Дарттуу канаттуулардын көзүнүн кычыктарынан жаш куюлуп, муундары сезгенет, көнчүлүк учурда шал болот. С. ылаңы коёндордо өтө тез өөрчүп, өлүм-житимге көп учурат. Ылаңдын диагнозу клиникалык ж-а патологиял-анатомиялык белгилердин, бактериол. изилдөөлөрдүн негизинде коюлат. Дары катары антибиотиктер, сульфаниламид дары-дармегн колдонулат. Ылаңды алдын алуу үчүн жалпы вет.-санитариялык эрежелерди сактоо зарыл. Дарт чыккан короо сарайлар 2%түү карбол, лизол, креолин м-н дезинфекцияланат.

СТРЕПТОМИЦИН — *актиномицетерден* алынчу антибиотик. Аны биринчи жолу 1944-ж. амер. илимпоз З. А. Ваксман Actiomyces griseus козу карынынан алган. Хим. түзүлүшү б-ча аминогликозиддүү антибиотиктерге кирет. С. *туберкулёз* бактериясына, *чума*, *туляремия*, *бруцеллёз*, *дизентериянын* козгогучтарына, түрдүү кокторго ж. б-га каршы активдүү. С-ге туруктуу микробдор пайда болгондуктан ал башка дары-дармек м-н чогуу колдонулат. С. *туберкулёз*, *менингит*, *эндокардит*, *көк жөтөл*, *сузек* ж. б. ооруларды дарылоодо пайдаланылат.

СТРЕПТОЦИД — *сульфаниламид дарыларынын* бири. Ал таблетка, күкүм, май түрүндө *жугуштуу ооруларда* колдонулат.

СТРИКТУРА (лат. strictura — кысылуу) — бөйректен сийдик агып чыгуучу түтүктүн, сийдик чыгуучу өзөктүн (каналдын) ичкеришн, тарышы, к. *Стеноз.*

СТРИХНИН — кучаланын ж-а ушул уруудагы өсүмдүктөрдүн алкалоиддеринин бири; күчтүү уу. Зыяндуу жаныбарларды жок кылуу үчүн ж-а медицинада колдонулат, к. *Кучала.*

СТРОНЦИЙ (лат. Strontium), Sr — Менделеевдин мезгилдик системасынын II тобундагы хим. элемент, ат. н. 38, ат. м. 87, 62; күмүш түстүү ак металл. Табигый С. туруктуу 4 изотоптун аралашмасынан турат (кеңири таралганы ^{88}Sr). Жер кыртышында массасы б-ча 3,4·10^{-2}%. 30дай минералдары белгилүү. Эрүү t 770°С, кайноо t 1383°С, тыгыз. 2,63 *г/см*^{3} (20°С). С.— жумшак, ийилгич металл, оңой кесилет. *Жегич жер металлдарга* кирет, хим. касиети Са м-н Ва-ге окшош, абада тез кычкылданат. Бирикмелеринде 2 валелүү. Жог. температурада суутек, азот, фосфор, күкүрт ж-а галогендер м-н реакцияга кирет. С-дин көп туздары *кристаллогидраттарды* пайда кылат. С. 1100—1150°Сде С. кычкылын алюминий м-н калыбына келтирүүдөн ж-а электролиз жолдору м-н алынат. С-дин туздары пиротехникада колдонулат. ^{89}Sr ж-а ^{90}Sr изотоптору организмде жыйналат.

СТРОНЦИЙ МЕТОДУ — тоо тектердин абс. жашын эсептөө ыкмасы, к. *Геохронология.*

СТРОФА (гр. strophe — бурулуш) — ыр түзүлүшүндө топтон топко өтүп, мезгил-мезгили м-н кайталанчу формалык белгилери аркылуу бириккен ыр тобу. Адатта ырдын тексти топторго бөлүнөт. Эгер бул бөлүнүш синтаксис м-н маанеге эле баш пйсе — астрофикалык, ал эми белгилүү жерлерде кайталанган ырдык белгилери болбосо — строфикалык деп аталат. Бул экөөнүн аралаш формасы да бар. Тексттин түзүлүшүндө С-ның ролу синтаксистеги сүйлөмдүн ролундай.

Лит.: Жирмунский В. М., Композиция лирических стихотворений, в его кн.: Теория стиха, Л., 1975; Рысалиев К., Кыргыз ырларынын түзүлүшү, Фр., 1965.

СТРОФАНТИН — жүрөк-кан тамыр системасына таасир этүүчү дарылардын бири. Ал — строфантын (кутрлар тукумундагы өсүмдүк) бнол. активдүү заты. Жүрөктүн иши начарлаганда эритмеси венага куюлат.

СТРОФИКА — ыр таануунун бир бөлүгү; *ыр* айкашы ж-дөгү окуу. С. строфикалык топко ыктаган ыр өлчөмдөрүн, ыр жазуудагы тенденцияларды (строфанын ж-а жарым строфанын аягындагы ыргак, строфалардын көлөмү, түзүлүшү, бөлүнүшү, алардын интонациялык-синтаксистик бир бүтүндүгү), арбын пайдаланылчу салттуу строфаларды (төрт сап, алты сап, октава, онегин строфа ж. б.) ж-а толук ырлардын «туруктуу формаларын» (рондо, триолет, сонет ж. б.) изилдейт.

СТРОФОИДА — тегиздиктеги пйри сызыктын бир түрү; 3-тартиптеги алгебр. сызык. Тик бурчтуу Декарт координаталар системасында тендемеси $y^2=x^2\cdot\frac{a+x}{a-x}$ түрүндө туюнтулат.

СТРУВЕ Василий Васильевич [21. 1(2. 2). 1889, Петербург — 15. 9. 1965, Ленинград] — Чыгышты изилдөөчү сов. окумуштуу, Байыркы Чыгыштын тарыхы б-ча адистердин сов. мектебин негиздөөчү, СССР ИАнын акад. (1935). 1911-ж. Петербург ун-тин бүткөн. 1916-жылдан (50 жылдай) ЛГУда иштеген. 1918—33-ж. Эрмитаждын Египет бөлүмүнүн башчысы, 1937—40-ж. СССР ИАнын Этнография, 1941—50-ж. СССР ИАнын Чыгыш таануу ин-ттарынын директору, 1959-жылдан бөлүм башчысы. Бир топ сов. ж-а чет элдик ил. уюмдардын мүчөсү. С-нин негизги эмгектери Египет, Кичи ж-а Орто Азия, Түш. Кара деңиз боюнун тарыхына, мад-тына арналган. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

СТРУВЕ Василий Яковлевич [4(15). 4. 1793, Альтона (Германия) — 11(23). 11. 1864, Петербург] — орус астроному, геодезист. Петербург ИАнын акад. (1832; корр. мүчө, 1822). Дерпт (Тарту) ун-тин бүткөн (1810). Дерпт (1818—39), Пулков (1839—62) обсерваторияларынын директору. 1813-жылдан көп жылдыздарды кеңири изилдеп, 27 жылдыз параллаксын ишенимдүү ж-а α Лира жылдызынын өздүк параллаксын так аныктаган. Ал (1845—47) жылдыз системасынын закон ченемин изилдеп, ага жылдыз статикасынын интеграл теңдемесин киёирген. *Саманчы жолундагы* негизги тегиздикте жылдыздардын топтолушун, космостук жарык жутулушун ж-а аны байкоодогу эсептөө ыкмасын иштеп чыккан. Көптөгөн чет өлкө академияларынын ж-а коомдордун ардактуу мүчөсү.



В. В. Струве.

СТРУВЕ Пётр Бернгардович (26. 1. 1870, Пермь — 26. 2. 1944, Париж) — орус саясий ишмери, экономист, философ, «Легалдуу марксизмдин» башы өкүлү. Петербург ун-тинин укук ф-тетин (1895) бүтүргөн. 90-жылдары «Легальные марксисты», «Новое слово» ж-а «Начало» журналдарын редакциялаган. 1896-ж. 2-Интернационалдын 4-конгрессине катышкан. РСДРПнин 1-съездинен (1898) кийин РСДРП БКнын мүчөлөрү аны «Россия социал-демократ жумушчу партиясынын манифестин» түзүүгө тарткан. Бирок, ал акырында «Манифесттен» баш тартып, рев-лык марксизмдин душманы катары, айрыкча пролетариат диктатурасы ж-а соц. рев-я ж-дөгү окууга каршы чыккан. 1902-жылдан «Освобождение» журналын редакциялаган, 1903-жылдан «Бөштондукка чыгаруу союзунун» жетекчилеринин бири. 1905-жылдан кадеттер партиясынын БК мүчөсү, 2-Мамлекеттик думанын (1907) депутаты. 1917-жылкы Окт. рев-ясына каршы чыккан. С-нин көз карашын В. И. Ленин катуу сынга алган.

СТРУКТУРА (лат. structura — түзүлүш) — системанын бүтүндүгүн ж-а негизги касиеттерин сактап турган элементтердин туруктуу байланыштарынын жыйындысы. Болмушта бардык нерсе өз С-сына ээ ж-а ар кандай өзгөрүүлөрдө белгилүү деңгээлде аны сактап турат. 19-к-да заттардык хим. түзүлүшү ж-дөгү теориянын пайда болушу м-н «С.» түшүнүгү пакта маанисинде колдонула баштаган. 19-к-дын аягынан психикалык кубулуштардын С-сын изилдөө күчөгөн (ага *гештальтпсихология* бир кыйла салым кошкон). 20-к-да тилди, мад-тты, ад-тты ж-а иск-вону изилдөөдө С-лык анализ көрүнүктүү орунду ээледи (к. *Структурализм, Структура-функциялык анализ).* Объектинин изилдөөдө тарыхый анализ да колдонулат. Бирок экөөнү карама-каршы коюуга болбойт. С-ны изилдөө кээ бир учурда анын өзгөрүү закондорун, б. а. тарыхын билүүнү талап кылат. Ал эми объектинин өнүгүү тарыхын изилдөө анын С-сын аныктаганда гана пакта ил. мүнөзгө ээ болот. Диалек. материализм б-ча С. категориясы таанымда чоң роль ойнойт, бирок ал диалектиканын категориялар системасы м-н байланышта гана маанеге ээ болот.

СТРУКТУРАЛИЗМ (лат. structura — түзүлүш), структуралык тип



С. Г. Струмилин.



Р. С. Стручкова.



М. С. Стряпкина.

илими — 20-к-дын 20—30-жылдарында тил илиминдеги «жаңы грамматикалык» (к. *Младограмматизм*) багытка каршы пайда болгон агым. С-дин жаралышына *Бодуэн де Куртенэ*, Э. Сепир, Л. Блумфилд, өзгөчө Ф. де Соссюрдун эмгектери негиз болду. С. көбүнчө тилдик компоненттердин ички түзүлүшүнө, формалык катышына гана таянат да, ал компоненттердин жаралыш процессине көңүл бөлбөйт.

С-дин Ф. де Соссюрдун тигил же бул концепциясынан улам пайда болгон өз-өзүнчө мектептери бар. Алардын негизгилери: 1) Прага тил йилими (тилди функциялык система катары карап, тилдик компоненттердин мааниснне көңүл бурат; синхрониялык изилдөө м-н катар кээде диахрониялык жактан да иликтеп, тилди элдин тарыхы, мад-ты м-н байланышта карайт); 2) Копенгаген мектеби (к. *Глоссематика*); 3) Амер. дескриптивдик тил илими (к. *Дескриптивдик тил илими*).

С. ад-т таануу, антроп-я, этнология, социология сыяктуу илимдерде изилдөөнүн структуралык методунун өркүндөтүлүшүнө таасир тийгизди. Азыр структуралык тил илими жалпы тил илиминде дээрлик таанылып, ил. тех. прогресстин таасири м-н тилдик кубулуштарды так, терең изилдөөдө жаңы натыйжаларды берип жатат.

Ад.: Основные направления структурализма. М., 1964; Апресян Ю. Д., Идеи и методы современной структурной лингвистики. [Краткий очерк]. М., 1966; Засорина Л. Н., Введение в структурную лингвистику, М., 1974; Ревзин И. И., Современная структурная лингвистика. Проблемы и методы. М., 1977.

СТРУКТУРАЛЫК ГЕОЛОГИЯ, к. *Геология*.

СТРУКТУРАЛЫК СХЕМА (жөндөө) — автоматтык жөндөө системасынын (АЖС) составдык бөлүктөрүнүн өз ара байланышын ж-а анын динамикалык касиеттерин мүнөздөөчү схема. АЖСте болуучу процесстердин динамикасын үйрөнүүдө жөнөлүүчү чондуктун ж-а аппаратуранын физ. табиятына көңүл бурулуп, жөндөө процесстеринин матем. модели гана каралат. Ошондуктан блок-схемадан айырмаланып, С. с. өтмө функциялар м-н мүнөздөлүүчү звенолордон турат. Мында бир түзүлүш бир нече звено м-н берилиши мүмкүн. Ар кандай АЖС капчалык татаал болсо да, жөнөкөй звенолордон турат деп түшүнүүгө болот.

СТРУКТУРА-ФАЦИЯЛЫК ТИЛКЕ — структуралык түзүлүшүнүн жалпылыгы ж-а тектоникалык деформацияланышынын бирдейлиги м-н мүнөздөлгөн жер кыртышынын узатасынан созулган бөлүгү. 1957-ж. В. А. Николаев О. Азиянын түн. бөлүгүндөгү буктөлүш аймактарынан — Курама, Чүй — Илө, Чаткал — Нарын ж-а Фергана — Какшаал С.-ф. т-лерин бөлгөн. В. А. Николаевдин С.-ф. т-си Тянь-Шандын тектоникалык райондоштуруусунун негизи болуп калды, к. *Ортоңку Тянь-Шань*, *Түндүк Тянь-Шань*, *Түштүк Тянь-Шань*.

СТРУКТУРА-ФУНКЦИЯЛЫК АНАЛИЗ — коомдук кубулуштарды бүтүн система катары изилдөө жолу. Маркстик социология б-ча коомдун структуралык бөлүктөрү: *коомдук-экономикалык формация*, эмгектин бөлүнүшү, коомдук турмуштун негизги жактары, маданий-социалдык ин-ттар, коомдун социалдык түзүлүшү. Бул түшүнүк эки мааниде колдонулат: биринчиден, социалдык системанын бир бөлүгүнүн башка бөлүктөрүнө же жалпы системага карата аткарар милдети, экинчиден, системанын бир бөлүгүнүн өзгөрүшү башка бир бөлүгүнүн өзгөрүшүнө байланыштуу болушу (мис., таар м-н айыл калкындагы өзгөрүүлөр индустрияны өнүгүшүнө байланыштуу). Маркстик социологияда С.-ф. а. тарыхый ж-а себептүүлүк принциптерин бири бирине айкалыштырып, бирдиктүү колдонуунун негизинде жүргүзүлөт. Мис., К. Маркс «Капиталда» капит. түзүлүштүн структуралык өзгөчөлүгүн аныктоо м-н бирге аның тарыхый өнүгүшүнүн мүнөзүн ачып көрсөткөн. Бурж. социологияда С.-ф. а. тарыхый ж-а функциялык принципти бири бирине каршы коюунун негизинде бир жактуу идеалисттик мүнөздө колдонулат (мис., Т. Парсонстун абстрактуу теориясы). Азыркы бурж. социологияда С.-ф. а-дин өкүлдөрү коомдун өнүгүшүндөгү туруктуулукту, тең салмактуулукту баса белгилеп, адамдын жүрүш-турушун теске салуунун негизги жолу катары деолетөрдү (ценность), социалдык нормаларды эсептешет. Алардын пикири б-ча С.-ф. а. коомдук күчтөрдү элдештирүүнүн жолдорун издөөгө багыттылыгы керек. Бул буржуазиянын мүдөөсүнө кызмат кылат.

Ад.: Андреева Г. М., Современная буржуазная эмпирическая социология. М., 1965; Проблемы методологии системного исследования. М., 1970; Социология и современность, т. 1—2, М., 1977.

СТРУМИЛЛИН, Струмилло-Петрашкевич Станислав Густавович [17(29). 1. 1877, Дашковцы кыш., азырыкы Винница обл., Литинский р-ну—25. 1. 1974, Москва]—сов. экономист ж-а статистик, СССР ИАнын акад. (1931), Соц. Эмг. Баатыры (1967). 1923-жылдан КПСС мүчөсү. РСДРПнин 4-(Стокгольм, 1906) ж-а 5-(Лондон, 1907) съезддеринин делегаты. 1921—37, 1943—51-ж. СССР мамл. пландоо комитетинде иштеп, Москва мамл. ун-тинде (1921—23), Г. В. Плеханов атн. Эл чарба ин-тунда (1929—30), Москва мамл. экон. ин-тунда (1931—50) ил.-пед. иштерди да жүргүзгөн. Негизги эмгектери экономика, статистика, эл чарбасын башкаруу, пландоо, социология ж. б-га арналган. С-дин жетекчилиги м-н дүйнөдө 1-жолу материалдык баланстар системасы иштелип чыккан. С.— 700дөн ашуун ил. эмгектин автору. Эң негиздүүлөрү: «Байлык жана эмгек», «Советтик экономиканын очерктери», «Россиядагы өнөр жай төңкөрүшү» ж. б. СССР мамл. сыйл. (1942), Ленин ордени, Октябрь Революциясы, Эмгек Кызыл Туу ордендери м-н сыйланган.

Чыг.: Избр. произв., т. 1—8, М., 1963—68.

СТРУЧКОВА Раиса Степановна (5. 10. 1925-ж. т., Москва) — сов. балерина, СССР эл арт. (1959). 1962-жылдан КПСС мүчөсү. 1944-ж. Москвадагы хореография окуу жайын (Е. П. Гердттин классы б-ча) бүткөндөн Чоң театрда бийчи. Негизги ролдору: Одетта-Одиллия, Аврора (П. Чайковский, «Ак куу көлү», «Уйкудагы сулуу»), Жизель (А. Адан, «Жизель»), Китри (Л. Минкус, «Дон Кихот»), Жульетта (С. Прокофьев, «Ромео менен Жульетта»), Мария (Б. Асафьев, «Бахчисарай фонтаны») ж. б. С-нын бийи виртуоздуу техникасы м-н айырмаланат. Ал чет өлкөлөрдө көп жолу гастролдо болгон. 1966-жылдан (1968-ж. А. В. Лупачарский атн. Мамл. театр өнөр ин-тунда) классикалык бий б-ча сабак берет. Киподо да тартылган («Сенин атың» ж. б.). Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

СТРЫЙ — УССРдин Львов обл-ндагы дарыя, Днестрдин оң куймасы. Уз. 232 *км*, алабынын аянты 3060 *км*². Чыгыш Карпат тоолорунан башталып, куюу өрөөн аркылуу агат. Жай — күз айларында суусу көбөйөт. Жылдык орт. чыгымы чатынан 17 *км* жогору 45,2 *м*³/*сек*, оң көбү 890 *м*/*сек*. Жазгында Турка, Стрый, Жидачов ш-ларынан жайгашкан.

СТРЯПКИНА Мария Сергеевна (23. 5. 1913-ж. т., Горький ш.) — орус совет актёру, Кыргыз ССР эл арт. (1976). Горький ш-ндагы В. И. Ленин атн. Мад-т үйүнүн театр студиясын (1935) ж-а Вахтангов атн. Театр окуу жайын сырттан окуп (1940) бүткөн. 1941—44-ж. Горький ш-ның Чкалов атн. театрында, 1944—61-ж. Томский обл. ж-а Владивосток крайлык театрларында актёр болгон. 1961-жылдан Фрунзе ш-ндагы Крупская атн. Орус драма театрында иштейт. Жөндөмдүү артист дүйн. ж-а сов. драматургиядан жүздөн ашык спектаклге катышып, бир катар жаркын образдар жаратkан. Ролдору: Софья (А. Грибоедов, «Акылдын азабы»), Мария Мнишек (А. С. Пушкин, «Борис Годунов»), Ульяна Громова (А. Фадеев, «Жаш гвардия»), Луиза (Ф. Шиллер, «Жүзү каралык жана сүйүү»), Маргарита (У. Шекспир, «Ричард III»),



М. С. Стряпкина А. Островскийдин «Кирешелүү орун» спектаклиндеги Кукушкинанын ролунда.

Айша (Т. Абдумомунов, «Абийир кечирбейт») ж. б. Медалдар м-н сыйланган.

СТУДЕНТ (лат. Studens — ынтызар, окуучу) — жог., орто (кээ бир мамлекеттерде) окуу жайлардын окуучулары. Байыркы Римде ж-а о. кылымда билим алууга аракеттенгендер С. аталган. 12-к-да ун-ттер уюшулгандан андагы окуучулар (алгачкы учурларда окутуучулар да) С. делген. Окутуучулар үчүн ил. наам киргизилгенден (магистр, профессор ж. б.) С. окуучуларга гана карата колдонулуп калган. СССРде жог. окуу жайынын окуучулары — С., атайын орто окуу жайыныкы — окуучу, аскер-окуу жайыныкы — курсант, академиялардагы угуучу аталат. АКШ, Улуу Британия ж. б. бир катар мамлекеттерде коллеждердин окуучулары С. делет.

СТУДЕНТТЕРДИН ЭЛ АРАЛЫК КҮНҮ — студенттердин эл аралык тилектештигинин күнү. Фашизмге каршы күрөшкөн өлкөлөрдөгү студенттердин эл аралык жолугушуусунда Лондондо 1941-ж. уюштурулган. Бул күн (ар жылы 17-ноябрь) — Каршылык көрсөтүү күймылына катышкан чехосл-ялык баатыр студенттердин эстелигин түбөлүк сактоо үчүн белгиленген. Апткеги Чехосл-яны оккупациялап алган фашист немец баскынчылары 1939-ж. 17-ноябрда Чехосл-я студенттер союзунун жетекчилерин каман, атып, жог. окуу жайларын жаап, миңден ашык студент ж-а окутуучуларын концентрациялык лагерге айдаган. С. э. а. к. биринчи жолу 1941-ж. белгиленген. Бул күндүн алдында тынчтык ж-а достук үчүн күрөштүн эл аралык студенттик жумалыгы (10—17-ноябрь) өткөрүлөт.

СТУДЕНТТЕРДИН ЭЛ АРАЛЫК СОЮЗУ (СЭАС) — студенттик уюмдардын эл аралык бирикмеси. 1946-ж. августта Прагада Студенттердин бүткүл дүйн. конгрессинде негизделген. Өз уставына ылайык СЭАС студенттердин таламын коргоо максатын көздөп, тынчтык ж-а эл аралык кооперациализмге ж-а неоколониализмге, реакцияга, фашизмге ж-а расизмге каршы, улуттук бошт., социалдык прогресс ж-а билим берүүнү демократташтыруу үчүн күрөшөт. 1976-ж. СЭАС 90 өлкөнүн студенттик уюмун биріктирген. Сов. студенттер СЭАСка СССРдин студенттер совети м-н кирген. СЭАС — жаштар м-н студенттердин Москвада (1961, 1964) өткөрүлгөн бүткүл дүйн. форумдарын, *Жаштардын жана студенттердин бүткүл дүйнөлүк фестивалдарын* уюштуруучулардын бири. Анын демилгеси б-ча куралсыздануу, тынчтык ж-а улуттук көз карандысыздык үчүн жаштар м-н студенттердин эл аралык конф-ясы (Флоренция, 1964), вьетнам элинин күрөшүнө тилектештиктин Эл аралык студенттик конф-ясы (Прага, 1968), араб ж-а португалиялык колониялардагы, Африканын түштүгүндөгү элдердин антиимпер. күрөшүн колдоо конф-ялары ж-а митингдери (Прага, 1967; Хартум, 1969; Хельсинки, 1971) ж. б. өткөрүлгөн.

СЭАСтын жог. органы — Конгресс, ал союздун Аткомун, Секретариатын (турган жери — Прага ш.) шайлайт. СЭАС айына «Бүткүл дүйнөлүк студенттик жаңылыктар» журналын англис, француз, испан ж-а араб тилдеринде чыгарат.

СТУДЕНТТЕР КЫЙМЫЛЫ Россияда — Россиядагы бошт. кыймылдын составдуу бөлүгү. 19-к-дын 1-чейрегинде пайда болуп, 19-к-дын 2-жарымында — 20-к-дын башында өлкөнүн коомдук-саясий турмушунда зор роль ойногон. Орус пролетариатына бошт. күрөштүн демокр. милдеттерин чечүүдө жардам берген. Студенттер социалдык жактан ар кыл масса болгондуктан ар башка таптын же катмардын кызыкчылыгын жактаган. Алар 1880—90-ж. падыша окмотунун жог. билим б-ча реакциячыл саясатына каршы чыгып, кесип укугу ж-а эркиндик үчүн күрөшкөн. Бошт. күрөштүн разночиндик мезгилинде (1861—95) С. к. ар кыл формада (реакциячыл профессорлардын лекциясына бойкот жарыялоо, окуу башчыларынын бүйрүктарына баш ийбөө, тыюу салынган чогулуштарга катышуу, ши таштоо, петиция, манифестация уюштуруу ж. б.) өткөн. Бошт. күрөштүн пролетардык мезгилинде (1895-жылдан) пролетариаттын рев-ячыл күрөшүнүн таасири м-н С. к. 20-к-дын башында окмотко ачыктан-ачык каршы чыгып, ши таштоо, көчө демонстрацияларга формасында өткөн. 1905—07-жылдагы рев-я мезгилинде студенттер большевиктерди колдогон. Реакция мезгилинде студенттердин айрым бөлүгү рев-ячыл күрөштөн четтеген. Бирок студенттердин большевиктик көпчүлүк уюмдары 1908 ж-а 1910—12-ж. С. к-н жетектеген. 1917-жылдагы Февраль рев-ясы кезинде С. к. рев-ячыл жалпы агымга бириккен.

Ад.: Гуслянников П. С., Революционное студенческое движение в России 1899—1907, М., 1971; Пешников В. В., В. И. Ленин и студенческое движение в России, М., 1973.

СТУДЕНТТИК ИЛИМИЙ КООМ СССРде — студенттерди ил. из. ишине тартуу, ал иштин тажрыйбасын жалпылаштырып жайылтуу, болочок адистерди тарбиялоо ж-а аларды даярдоо сапатын жакшыртуу максатында жог. окуу жайларда уюштурулуучу студенттик ыктыярдуу бирүүлөр. Россияда алгачкы коом 1882-ж. Петербург ун-тинде уюштурулган. СССРде 1930-ж. чарба эсебиндеги (хозрасчёт) студенттик «чыныгы долбоорлоо бригадалары» өнүккөн. 40-жылдары ар түрдүү ийримдер, бригадалар ж. б-лар коомго, конструкторлук бюролорго биригишкен. 1950-ж. 200 окуу жайда коомдор м-н конструкторлук бюро болгон, ал эми 1960-жылдан СССРдин бардык жог. окуу жайларында иштейт. 1970-жылдан студенттердин ил. из. ишинин жаңы түрлөрү пайда болду: студенттик ил. из. ин-ттар, ил. борборлор, студенттик конструкторлук отряддар ж. б.

СТУДЕНЧЕСКИЙ, № 80-жылкы заводу — Сокулук р-нундагы Фрунзе айыл советине караштуу кыштак. Скрябин атн. Кыргыз мамл. а. ч. ин-тунун окуу-тажрыйба чарбасынын аймагында. Райондун борбору Сокулуктан 18 *км* түн. тарапта. Шопоков т. ж. станциясынан 15 *км*. Калкы 1674 (1979). Орто мектеп, клуб, китепкана, фельдшер-акушердик пункт бар.

СТУДИЯ (итал. studio — үйрөнүү, иш үчүн бөлмө) — 1) живописчи, скульптордун өнөрканасы. 2) Сүрөтчүлөрдү же актёрлорду даярдоочу мектеп. 3) Окуп жүрүп чыгылык ишин жүргүзгөн (көбүнчө) жаштардын театр (о. эле сүрөтчүлөр) коллективи. 4) Радио ж-а телекөрсөтүү студияларындагы радио уктуруу, телекөрсөтүүлөрдү уюштуруучу чыгармачыл коллектив, к. *Киностудия*.

СТУЧКА Пётр Иванович [14(26). 7. 1865, Латыш ССРи, Кокнес волосту, азырыкы Стучка р-ну — 25. 1. 1932, Москва] — сов. мамлекеттик ж-а парт. ишмер. Латвия коммунисттик партиясын негиздөөчүлөрдөн. 1895-жылдан Компартия мүчөсү. Дыйкан үй-бүлөдөн. Петербург ун-тинин укук ф-тетин бүткөн (1888). 80-жылдардан рев-ячыл кыймылга катышкан. Февраль рев-ясынан (1917) кийин РСДРП(б)нин Петербург комитетинин ж-а Петроград советинин аткомунун мүчөсү. Улуу Окт. рев-ясынан (1917) кийин РСФСРдин юстиция эл комиссары (1917—18). 1918—20-ж. Латыш Совет өкмөтүнүн пред-ли, ошол эле мезгилде (1919—21) РСФСРдин юстиция эл комиссарына орун басар. 1923—32-ж. РСФСР Жог. сотунун

пред-ли. ВКП(б)нин 7, 9, 10, 14—16-съезддеринин делегаты. 7, 9-съезддерде БКнын мүчелүгүнө кандидат, 8-съездде БКга мүчө. СССР БАКтын ж-а ББАКтын мүчөсү. Латыш мамл. уч-ти, Стучка ш. С. наамында. Рига-да эстелиги тургузулган (1962). С.— гражд. укук, мамлекет ж-а укук теориясынын маселелери б-ча эмгектердин автору. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. Сөөгү Кызыл Аянта Кремль дубалына коюлган.

Чыг.: Курс советского гражданского права, т. 1—3, М., 1927—31; Избр. произв. по марксистско-ленинской теории права, Рига, 1964.

Ад.: П. Стучка — революционер, мыслитель и государственный деятель, Рига, 1965; Абрамов А., У Кремлёвской стены, М., 1974.

СТЮАРТТАР — 1371-жылдан Шотландиядагы, 1603—49, 1660—1714-ж. Англиядагы королдор династиясы. 12-к-дан королдун ири башкаруучусунун — стюарттын кызматын (ушундан С. аталган) ээлеп алган шотландиялык тектүү үй-бүлөдөн чыккан. Өтө белгилүүлөрү: *Мария Стюарт* (1560—67-ж. башкарган), Яков I (1603—25), Карл I (1625—49). Яков I ж-а анын уулу Карл I жүргүзгөн феод.-абс. диктатура саясаты *Англиядагы буржуазиялык революциянын (17-к.)* чыгышын тездетип, анын убагында Карл I өлүм жазасына тартылган (1649). С-дын акыркы өкүлү Анна Стюарт олгондон кийин (1714) такты Ганновер династиясына (С-дын алыс тууганлары) өткөн.

СУАХИЛИЛЕР, *васуахилилер*— Чыгыш Африкадагы эл. Негизинен Кения, Танзания жээгинде, Мозамбикте ж-а ага жакын аралдарда жашайт. Жалпы саны белгисиз. *Суахили тилинде* сүйлөшөт. Динге ишенгендеринин көбү—мусулмандар. С-дин составы өтө татаал. Ага келгиндер ж-а Африканын ички аймагынан кул катары алынып келингендер м-н синишип кеткен автохтон калктын тукумдары кирет. «С.» деген ат 12-к-дан белгилүү. Ал арабча «сахиль» — жээк деген сөздөн алынып, «жээкте жашагандар» дегенди туюнтат. Негизги кесиби — дыйканчылык.

СУАХИЛИ ТИЛИ, *кисвахили* — Танзания м-н Кениянын официалдуу тили. Угандага, Сомали Респ-касынын түш. р-ндоруна, Заирдин чыгышына, Мозамбиктин түп. р-ндоруна да тараган. С. т-нде 50 млн-чо киши сүйлөйт (1970). С. т. *банту тилдеринин* чыгыш зонасына кирет. 20дай диалектиси бар. С. т-нде мезгилдүү басылмалар чыгып, радио уктурулат ж-а салттуу бай ад-т бар.

Ад.: Мячина Е. Н., Язык суахили, М., 1960.

СУБ... (лат. sub — алдында, жанында) — татаал сөздөрдүн башкы бөлүгү: 1) бир нерсенин астында же жанында жайгашкан (мис., субтропиктер); 2) баш нет же кол астында (мис., субординация); 3) негизги, башкы нерсе эмес (мис., субаренда) маанилерин туюндурат.

СУБАЙ МАЛ — кысыр ж-а төлсүз малдын жалпы аты. Жерг. шартка жараша көбүнчө жайытта ж-а туут малдан бөлөк багылат. Бооз малга караганда тез ж-а мыкты семирет.

СУБАЛЬП АЛКАГЫ — мелүүн ж-а субтропик кендиктеринде жайгашкан тоолордогу бийиктик алкак. Анда субальп өсүмдүктөрү ж-а климаты басымдуу. Альп алкагынан төмөн, токой (жаачылы райондордо) же талаа (кургакчыл райондордо) алкактарынан жогору жайгашат. Анын бийиктик абалы геогр. кеңдикке, тоо капталынын экспозициясына ж-а нымдуулукка жараша болот. С. а. Альп ж-а Кавказдын батышында 1700—2300 *м*, Гималайдын түш. капталдарында 3200—4000 *м* бийикте, жог. кеңдиктер м-н нымдуу деңиз агымдарынын таасири басымдуу болгон аймактарда төмөн жайгашат (мис., Курил а-дарында деңиз деңгээлине чейин түшөт). Тоо-шалбаалуу ландшафт мүнөздүү. Кар көп жаагандыктан (6—8 ай) жылчы өсүмдүктөр өспөйт.

СУБАНБЕКОВ Жүрсүн (1. 5. 1930, азыркы Ысык-Көл обл., Ак-Суу р-ну, Сары-Камыш кыш.—16. 8. 1974, Фрунзе) — кыргыз совет ад-тчысы, фольклорист. Филол. илимд. доктору (1974). Колхозчунун үй-бүлөсүнөн. 1960-жылдан КПСС мүчөсү. КМУнун филол. ф-тетин бүткөн (1952). 1952—55-ж. аспирант. 1955-жылдан өмүрүнүн акырына чейин КМУда мугалим болгон. С-дун К. Жантөшевдин өмүрү, чыгылык жолун, кыргыз ад-тынын айрым маселелерин, кыргыз элинин баатырдык кенже эпосторун изилдеген эмгектери бар.

Чыг.: Колхоздук тема кыргыз совет адабиятында (1945—1956), Фр., 1958; Касымалы Жантөшев, Фр., 1964; Кыргыз адабиятындагы атеизм, Фр., 1965; Кыргыз элинин баатырдык эпостору, Фр., 1970.

СУБАНТАРКТИКА АЛКАГЫ — Түш. жарым шардагы геогр. алкак. Мелүүн ж-а антарктика алкактарынын ортосунда. Тынч, Атлантика ж-а Инди океандарынын 58—60° ж-а 65—67° түш. кеңдиктердин аралыгындагы бөлүктөрүн ээлейт. Климаты суук (кышкы орт. темп-расы —5°Сден —15°Сге чейин, жайкысы 0—2°С); катуу шамал ж-а туман болуп турат. Жылдык жаан-чачыны 500 *мм*. Кышында С. а-нын бүт акваториясын калкыма муздар ээлейт; айсбергдер көп. Аралдарында эңилчек, чөп, бадал өсөт. Планктонго бай. С. а-нда балык ж-а кит промысели өнүккөн, к. *Физика-географиялык алкактар.*

СУБАРКТИКА АЛКАГЫ — Түп. жарым шардагы геогр. алкак. Арктика ж-а мелүүн алкактардын (болжол м-н 60—65° ж-а 67—73° түп. кеңдиктердин) ортосунда. Климаты суук; январдын орт. темп-расы материк м-н аралдарда —5°Сден —40°Сге чейин, июлдуку 5—12°С. Вегетация мезгили 70—110 күн. Бүчүлаңууга караганда жаан-чачын (300—500 *мм*) арбын. Тоң кыртыштар кеңири тараган. С. а. тундра зонасына ж-а токойлуу тундра зонасына бөлүнөт. С. а-нын океандык бөлүгүндө (суунун үстүнкү катмарында) кислороддун мол болушу планктондун өөрчүшүнө шарт түзөт. Балык ж. б. промыселдик жаныбарларга бай, к. *Физика-географиялык алкактар.*

СУБАРКТИКА КЛИМАТЫ — Түп. жарым шардагы материктер м-н аларга жакын жаткан аралдардын *тундра зоналарына* ж-а *токойлуу тундра зоналарына* мүнөздүү климат, к. *Субарктика алкагы.*

СУБСТАНЦИЯ (лат. substantia — маңыз, негизинде жаткан перс) — ар түрдүү филос. мектептер тарабынан колдонулуп, бардык жашаган перселердин өзгөрүлбөс негизин көрсөткөн категория. Р. Декарт С-ны материалдык ж-а духовный деп ажыратса, Ф. Гегель «абсолюттук идея» деп эсептеген. Азыркы бурж. философияда С-ны идеалисттик мүнөздө талаган окуу кеңири тараган *(плюрализм, персонализм).*

Диалек. материализм С-ны өзгөрүлбөс деп караган метафиз. көз карашты төгүндөп, объективдүү дүйнөнү белгилөө үчүн так түшүнүк — материяны колдонот.

СУБСТРАТ (*суб...* ж-а лат. stratum— катмар) — тилдердин аралашуусунун натыйжасында жеңип чыккан тилде сиңирилген же жоюлган тилдин көбүр белгилеринин сакталып калган издери; ошондой белгилери сакталып калган тилдин өзү. С. белгилери тилдин фонетикасы м-н фонологиясында, грамматикасында ж-а лексикасында учурайт.

СУБТРОПИК АЛКАКТАРЫ, *субтропиктер* — Жердин табигый (геогр.) алкактары. Түп. ж-а Түш. жарым шарлардын тропик ж-а мелүүн алкактарынын аралыгында. С. а-на тропик ж-а мелүүн климат режимининн мезгилдик алмашуусу мүнөздүү; жайында климаттын пассаттык режимининн, кышында мелүүн алкактын циклондук айлануусунун таасири чоң. Жайкы айлык орт. темпрасы 20°С, кышында 4°С. С. а-ның кургактык бөлүгүндө океан жээгинен материктин ичин карай жаан-чачын ж-а анын режими озгорүп, климаттын континенттүүлүгү күчөп, ландшафт түрүнүн алмашуусуна шарт түзөт. Ар бир материктеги С. а-нда үч негизги сектор ачык айырмаланып турат: *батыш океан жээги* же жер ортолук деңиздик (кышы нымдуу), *континенттик* (аз нымдуу), *чыгыш океан жээги* же муссондук (жайы нымдуу). СССРде субтропиктер С. а-нын эң түп. четинде жатканыктан бул жердин табияты субтропиктикинен бир аз айырмаланат. Алар нымдуу субтропик (Кавказ м-н Колхида ойдунунун Кара деңиз жак жээгинин борб. ж-а түш. бөлүгү), жарым нымдуу субтропик (Ленкоран ойдуңу), жер ортолук деңиздик жарым кургак субтропик (Кавказдын Кара деңиз боюндагы түп. бөлүгү ж-а Крымдын түш. жээги), кургак субтропик (Алазани ороону, Кура-Аракс ойдуңу, О. Азия чөлдөрүнүн түш. четки). Океан аймагында С. а. жог. темп-расы (15—16°С) ж-а суусунун туздуулугу м-н айырмаланат.

Ад.: Иванов Н. Н., Ландшафтно-климатические зоны земного шара, М.—Л., 1948; Растительность земного шара, пер. с нем., М., 1968; Калесник С. В., Общие географические закономерности Земли, М., 1970.

СУБТРОПИК КЛИМАТЫ субтропик кендиктеринде мүнөздүү. Аба массалары м-н агымдарынын сезондук алмашуусунан пайда болуп, бир нече типке бөлүнөт: жер ортолук деңиздик климат, нымдуу субтропик токой климаты, субтропиктик чөл климаты, муссондук субтропик климаты. С. к. негизинен эки жарым шардын 30° ж-а 40° кендиктеринде тараган; СССРде — Закавказьеде, О. Азияда ж-а Крымдын түш. жээгинде.

СУБТРОПИК МӨМӨ ӨСҮМДҮКТӨРҮ — субтропик алкактарында өсүүчү көп жылдык, дайыма жашыл, кээде күбүлмө жалбырактуу даректар же бадалдар. С. м. ө-нө апельсин, мандарин, лимон ж. б. цитрус өсүмдүктөрү, авокадо, анжир, анар, курма, мушмула, курма пальмасы, бадам, пекан, мисте, чай, бал камыш ж. б. кирет. Алардын көпчулугу СССРде өсөт. Кырг-нда анар, мисте, курма, анжир кездешет. С. м. ө. суукка чыдамсыздыгы, вегетация мезгилинин узактыгы м-н айырмаланат. Лимон суукка байымсыз, —7, —8°Сде үшүү мүмкүн. Күбүлмө жалбырактуулары (анжир, анар, курма) суукка туруктуу. Бул өсүмдүктөр даамдуулугунан, жагымдуулугунан, дарылык касиетинин жогорулугунан эл чарбасында кеңири колдонулат. Составында кант, орг. бирикмелер, минерал туздар ж-а витаминдер бар; жаңы кезинде тамак-ашка колдонулат. Жыгачы курулушта, айрымдарынын жалбырагы медицинада, парфюмерияда пайдаланылат. Бамбук жыгачы мебель ж-а спорт куралын жасоого керектелет. Тунго дарагынын момосунон баалуу тез кургоочу лак, сыр, тех. май алынат.

Ад.: Осенова Е. Х., Лемешенко Н. М., Мотонова Р. Н., Субтропические и тропические плоды, М., 1969.

СУБХИ Мустафа (1882, Гиресун—28. 1. 1921, Трабзон ш-на жакын) — Турция коммунисттик партиясын (ТКП) негиздөөчүлөрдөн ж-а анын жетекчилеринен. Ири чиновниктин үй-бүлөсүнөн. Стамбулдагы укук мектебин (1906), кийин Сорбоннада социалдык илимдер ф-тетин бүткөн. 1910-ж. Осмон соц. партиясына кирген. 1913-ж. камактан Россияга качып келген. 1914-жылдан Уралда заводдордо иштеп, 1915-ж. РСДРП(б)гө өткөн. Улуу Окт. соц. рев-ясынан кийин Москва, Казан, Крым, Ташкенде түрдүү парт. тапшырмаларды аткарган. 1918-ж. «Ени дюнья» («Новый мир») газетасын негиздеген. С. Коминтерндин 1-конгрессине (1919), Чыгыш элдеринин 1-съездине (1920) катышкан. ТКПнин 1-съездин (1920, сент., Баку) уюштуруучулардан. Мекенине кайтканда С-ни ж-а ТКПнин 14 мүчөсүн түрк жандармдары Трабзондо карман, деңизге чөктүрүп жиберген. С-нин демилгеси ж-а катышуусу м-н К. Маркс, Ф. Энгельс ж-а В. И. Лениндин айрым эмгектери түрк тилине которулган.

СУБЪЕКТ ЖАНА ОБЪЕКТ (философияда) — тааным теориясындагы негизги түшүнүктөрдүн бири. Субъект (С.) — дүйнөнү таануучу ж-а өзгөртүүчү адам. Марксизмди негиздөөчүлөр С-нин маалымат арттыруучу жөндөмдүүлүгү коомдук-тарыхый өнүгүштүн продуктусу экендигин көрсөтүшкөн. Материализм материалдык объектини С-ден мурун ж-а ага көз карандысыз жашаган персе катары карайт. Практиканын жүрүшүндө объектинин өзгөрүшү адам түшүнүктөрүнүн тууралыгына критерий болуп кызмат кылат. С.— практикада ж-а таанын билүүдө объект м-н болгон мамилеинин активдүү, ишкердик жагы.

СУБЪЕКТИВДҮҮ ИДЕАЛИЗМ—идеалисттик философиядагы негизги эки багыттын бири. Ал кишилер баамдаган перселердин бардыгы аң-сезимде гана жашайт деп ырастайт.

СУБЪЕКТИВДҮҮЛҮК — бир персеге мамиле, айтылуучу көз караш, табиттер, кызыкчылыктар, айрым адамдын (субъектинин) ышкыбоздугу, бир жактуулук, калыс эместик.

СУБЪЕКТИВИЗМ (философияда) — жаратылыш ж-а коомдук турмуштун кубулуштарын талкуулоодо акыйкаттын закондоруна ылайык келбеген, негизсиз мамиле.

С. реакциячыл идеологияга мүнөздүү. Философияда С. идеализм м-н байланышып, объективдүү чындыкты танат (к. *Субъективдүүлүк, субъективдүү идеализм).*

СУБЭКВАТОР АЛКАКТАРЫ — Жердин табигый геогр. алкактары. Экватор ж-а тропик алкактарынын ортосунда. Жайында экватор, кышында тропик (пассат) аба массалары басымдуу. Кышы кургак, жайы нымдуу экватордук муссон климаты мүнөздүү. Айлык орт. темп-расы 15—32°С, жылдык жаан-чачыны 250—2000 *мм*. Ландшафт зоналары меридиан багытында алмашат: нымдуу токой, жалбырагы күбүлмө токой, бийик чөптүү саванна ж-а саванна токою, кадимки саванна, чөл саваннасы ж-а сейрек токой. Тоолорунда токойлуу шалбаа ж-а токойлуу талаа алкактары мүнөздүү. Кептөөчү ача туяк, жырткыч ж. б. айбанат түрлөрү басымдуу. С. а. океанда Түп. Пассат агымынын чегине туура келет. Суунун орт. темп-расы 25°С; экваторго карай туад. 37%ге чейин азаят. Алкактарда өсүмдүк плантациялары, мал чарба бар.

Ад.: Калесник С. В., Общие географические закономерности Земли, М., 1970.

СУВАР — Кама болгарлары кыязды-гынын борбору ж-а башкы шаары. Волга д-на Утка суусу куйган жерде (Татар АССРи). 9-к-да негизделип, тегерете ак, жар, жыгач тосмолор м-н курчалган. Турак үйлөрү кыш м-н жыгачтан салынган. Бышкан кирпичтүү сарайдын калдыгы табылган. С-да 14-к-дын аягынан эл жашаган эмес.

СУВЕНИР — белек; кимдир бирөөнү же белгилүү бир персонди, окуяны эскерип жүрүү үчүн жасалган буюм.

СУВЕРЕН — мамл. жог. жеке бийликке ээ болгон адам.

СУВЕРЕНИТЕТ мамлекеттик (фр. souveraineté — жог. бийлик) — ички ж-а тышкы иштерде мамл. бийликтин көз карандысыздыгы ж-а өз алдынчалыгы. Улуттардын өз тагдырын өзү чечүүгө укуктуулугу — С-тин негизи. «С.» терминин мамл. укук маниисинде алгач 16-к-да франц. окумуштуу Ж. Боден колдонгон. Капитализм шартында мамл. бийлик буржуазиянын колунда болгондуктан С. элдик боло албайт. С.— ООНдун уставында укуктук жактан бекиген эл аралык укуктун негизги ж-а жалпыга таанылган принциби. Эл аралык практикада ири капит. мамлекеттер майда мамлекеттерге карата С. принцибин бузушат. Совет мамлекети ири ж-а майда улуттун суверендүү укугун кыйшаюусуз сактоо үчүн дайыма күрөшүп, белөк мамлекеттин ички ишине кийлигишөөнү, ар бир өлкөнүн көз карандысыздыгына ж-а аймагынын кол тийбестигин, экон., маданий жактарын камсыз кылуу үчүн башкаруунун кайсы формасын тандап алуусуна кийлигишпестикти жактайт.

Ад.: Шевцов В. С., Суверенитет Советского государства, М., 1972.

СУВОРОВ Александр Васильевич [13 (24). 11. 1729 же 1730, Москва—6(18). 5. 1800, Петербург, сөөгү Александр Невский лаврасына коюлган] — орус кол башчысы ж-а аскер теоретиги, генералиссимус (1799), Рымник графы (1789), Италия князы (1799). Дворян үй-бүлөдөн. Аскер кызматын 1742-ж. мушкетёрлуктан баштаган. 1756—63-жылдагы жети жылдык согушка катышкан. 1760—61-ж. башкы командачы В. В. Ферлордун штаб офицери (подполковник чининде). 1763—69-ж. Суздаль жөө аскер полкунун командири. Офицер ж-а унтер-офицерлер үчүн «Полк мекемеси» деген (аскердик даярдык ж-а тарбия б-ча) эмгек жазган. Генерал-майор (1770). Орус-түрк согушунда (1768—74) эң сонун жеңиштери (1773-ж. Туртукайда, 1774-ж. Козлуждa) м-н дацазаланган. 1774-ж. 6-Москва дивизиясынын, 1778—79, 1782—84-ж. Крым ж-а Кубань аскерлеринин командачысы. С. 1784-ж. Владимир, 1785-ж. Санкт-Петербург, 1786-ж. Кременчуг дивизияларынын командири. Гепе-



А. В. Суворов.

рал-аншеф (1786). 1787—91-ж. орус-түрк согушунда С-дун аскерлери түрк армиясын Кинбурнда (1787, окт.), Фокшанда (1789, 21-июль), Рымник салгылашында (1789) ж-а Измаил чебин алууда (1790, 11-дек.) катуу талкалаган. 1791-ж. Финляндия, 1792-ж. Түш. Украина аскерлерине командачы. 1794-ж. 7-августта С. поляк бошт. көтөрүлүшүн басып, 24-октябрда чабуул м-н Праганы, Варшаваны эээлеген (бул үчүн С. генерал-фельдмаршал чинин алган). 1795-ж. кайрадан түш. аскерлерине командачы. 1796—97-ж. С. өзүнүн «Жеңүү илими» деген эмгеги м-н орус армиясынын ж. б. армиялардын согуштук тажрыйбасын жыйынтыктаган. 1797-ж. Павел Iнин контрреформасын сындагандыгы үчүн армиядан четтетилип, Кончан кыш-ндагы (Новгород губ.) өз чарбагына айдалган. Бирок 1799-ж. февралда Павел I союздаштарынын өтүнүчү б-ча С-ду Италиядагы орус армиясына башкы командачылыкка дайындаган. 1799-ж. май — июнда С-дун командачылыгы м-н орус ж-а австриялык союздаш аскерлер франц. аскерлер оккупациялаган Италияның көпчүлүк бөлүгүн 6 жуманын ичинде эээлеген. Ошол эле жылы С-дун Швейцарияга жасаган жортуулу — анын акыркы эң сонун эрдиктеринин бири. Мекенине келген соң ал Павел Iнин аскерлеринде пруссиялык тартипке каршы болгон.

С. кол башчы ж-а аскер теоретиги катары орус аскер тарыхында ж-а согуш өнөрүнүн өнүгүшүндө эң көрүнүктүү орун эээлейт. Анын стратегия, тактика, аскерлерди машыктыруу ж-а тарбиялоо б-ча идеялары өз убагында эң алдыңкы идея болгон. С-дун ишмердиги Совет мамлекетинде татыктуу бааланган. СССР Жог. Советинин Президиуму 1942-ж. 29-июлда Суворов орденин белгилеген. 1943-ж. 21-августта СССР ЭКС ж-а ВКП(б) БКнын чечими б-ча Суворов аскер окуу жайы түзүлгөн.

Ад.: А. В. Суворов, Документы, т. 1—4, М., 1949—53; Михайлов О. Н., Суворов, М., 1973 (Жизнь замечательных людей).

СУВОРОВЕЦ — кара өрүк сорту. Кыргыз ССР ИАнын Ботан. багында жерг. тикенсиз кара өрүк м-н Эрте көгүш сортун аргындаштыруудан алынган. Дарагы бийик. Кышка чыдамдуу, мөмөсү кара көгүш, таттуу, ширелүү, жыттуу. Августтун аягында бышат. Данеги кичине. Ар бир дарагы 140—150 *кг* түшүм берет. Мөмөсү жаңы кезинде ж-а кагы тамак-ашка пайдаланылат.

СУВОРОВ ОКУУ ЖАЙЫ СССРде — жалпы орто билим берүү м-н катар СССР Куралдуу Күчтөрүнүн жог. окуу жайларында нйгиликтүү окууга зарыл аскердик, аскердик-тех. билим берүүчү атайы аскер окуу жайы. СССР ЭКСтин ж-а ВКП(б)нин 1943-ж. 21-августагы токтому м-н түзүлүп, А. В. *Суворовдун* ысмы берилген. С. о. ж-на 10 жашар эркек балдар 7 жылдык окуу мөөнөтү м-н алынган. 1964-жылдан деп соолугу чың ж-а 8-классты бүткөн 15—16 жашар уландар 2 жылдык мөөнөткө (9—10-класты бүтөт) алынат. С. о. ж. адеп-уюшулганда 11 болгон. 1944-ж. алтоо, 1953 ж-а 1955-ж. бирден кошулган. 60-жылдары көэ бирлери таратылып, кайрадан түзүлгөн. 1979-ж. 8 окуу жайы болгон.

СУГАТ, ирригация — ным жетишсиз талааларга суу жеткирүү ж-а топурактын нымын көбөйтүү; *мелиорациянын* бир түрү. С. тех., агротех. ж-а уюштуруу-чарб. чаралар комплексинен турат да, топурактагы суу режимин жакшыртып, өсүмдүк ткандарындагы сууну көбөйтөт; азык заттарды эритет. Топурактын жылуулук режими ж-а түшүмдүн сапаты оңолот. Мөмө-жемиш ширеси, өсүмдүк уругунда май, буудайда белок көбөйөт, гозо буласы жакшырат. Туура С. режиминде топурактагы микробиол. процесстер, өзгөчө нитраттоо үчүн ыңгайлуу шарт түзүлөт. С. кургак аймакта жерди жакшыртып, пайдалануура мүмкүндүк берет, топуракты шорго айлануудан сактайт. Дүйнөдө 19-к-дын башында 8 млн *га*, 20-к-да 48 млн *га* сугат жер болгон. СССРде 12 млн-дой, Кыргызда 1 млн-чо (1976) *га* сугат жер бар. Сугаруу убактысы б-ча туруктуу (сугат режимине ылайык белгилүү мөөнөткө керектүү суу берилет) ж-а мезгилдүү (суу 1 жолу берилет) болуп бөлүнөт. Азыр ири жаңы системалар курулуп же ондолуп, сугарылуучу жердин аянты улам кеңейүүдө. Суу курулмаларын телемеханика м-н башкаруу, суу бөлүштүрүү, эсепке алуу ж-а сугарууну автоматташтыруу, ачык каналды (арыктарды) куур, жабык ноо каналы м-н алмаштыруу, каналды бетондоо, сугат ыкмасын туура пайдалануу ж. б. тех. чаралар өркүндөтүлүүдө.

Ад.: Костяков А. Н., Основы мелиорации, 6 изд., М., 1960; Мамедов А. М., Ирригация Средней Азии, М., 1969.

СУГАТ ДЫЙКАНЧЫЛЫГЫ — а. ч. өсүмдүгүн сугаруу жолу м-н өстүрүү. Чөл, кургак зона ж-а ным жетишсиз райондордогу дыйканчылыктын өөрчүгөн түрү. А. ч. өсүмдүгүнөн туруктуу мол түшүм алууда С. д-ның мааниси зор. Мис., гектарынан буудайдан 65—70, шалыдан 80—100, пахтадан 40—50 *ц* түшүм алынат. С. д. неолит доорунан белгилүү. Кургакчыл жерлерде, мис., Месопотамия, О. Азия өлкөлөрүндө, Египетте суу каптап кеткен жерлерге эгин айдалып, алгачкы дыйканчылык башталган. Дүйнөдө С. д. 225 млн *га* жерди ээлейт. С. д-нда негизинен дан эгиндери (шалы, буудай, жүгөрү, таруу, сорго, буурчак), тех. өсүмдүк (пахта, бал камыш ж. б.), тоют өсүмдүктөрү, жашылча, мөмө-жемиш өстүрүлөт. С. д. АКШ, Мексика, Италия, Франция, Польша ж. б-да кеңири мүнөздүү.

СССРде 1975-ж. 114 млн *га* тоңдурма айдалып, 36 млн *га* күздүк эгилгеп. Кырг-нда сугат жер жалпы айдоо аянтынын 65—67%ин ээлейт. 1975-ж. 900,6 миң *га* сугат жер пайдаланылган. Аларга көбүнчө дан эгини, пахта, кант кызылчасы, тамеки, көп жылдык чөп ж. б. эгилет. С. д-нда *сугат системасы* негизги роль ойнойт. Сөбүү структурасы ар өсүмдүктө өзүнчө сугарууга ылайыкташтырылат. Сугарылма өсүмдүктү багуу технологиясы ж-а түшүмү, сугат мезгили, пормасы, климат шартына, топуракка ж-а өсүмдүктүн өзгөчөлүгүнө, сортуна байланыштуу болот. Мис., шалы атайын система м-н өстүрүлөт. Ал эми Пржевальск буудай сорту сугат жерде гектарынан орт. 95 *ц* түшүм берип, мурдагы Безостая 1 ж-а Комбайнёр сортторунан 5,9—8,2 *ц*/*га* ашып кеткен. ГФРден алып келинген Унион буудайы Пржевальск ж-а Ысык-Көл сорт участкаларында эгилип, гектарынан 52,4—56,8 *ц* түшүм берген, к. *Дыйканчылык*.

Ад.: Дыйканчылыктын жана мал чарбасынын маданиятын жогорулатуу үчүн, Фр., 1964; Лысогоров С. Д., Орошаемое земледелие, М., 1971.

СУГАТ НОРМАСЫ — бир жолку сугатта 1 *га* жердеги өсүмдүккө чыгымдалуучу суу өлчөмү. Ал өсүмдүктүн өзгөчөлүгүнө, өсүү фазасына, тамырдашына, топурактын мех. составына, суу сиңиришине, физ. касиетине, сугаруу ыкмасына ж. б. жараша болот. С. н. демейки вегетация сугатында гектарына 600—1200 $м^3$, жамгырлатып сугарууда 300—800 $м^3$, ным топтоо сугатында 1000—2000 $м^3$ болот.

СУГАТ РЕЖИМИ — а. ч. өсүмдүгүн сугаруу мөөнөтүн, санын аныктоочу көрсөткүч. Ал өсүмдүктүн биол. өзгөчөлүгүнө, аба ырайына, сугарылчу жердин гидрогеол. шартына, сугат түрүнө, өсүмдүктү багуу технологиясына ылайык белгиленет. С. р. өсүмдүктүн тамыр системасына, топурактын мех. түзүлүшүнө ж-а керектөө өзгөчөлүгүнө жараша болот. Сугат нормасы сугаруу ыгы аркылуу да аныкталат. Мис., тилкелеп ж-а роздон сугарууда 600 $м^3$/*га* суу керектелет. Жамгырлатып сугарууда норма азаят, бирок тез-тез сугарылат; тор топуратуу жерди жайпатып сугарууда норма 20—50%ке көбөйөт. Сугаруу мезгили топурактын нымдуулугуна, аба ырайынын шартына, өсүмдүктүн өсүү фазасына жараша чектелет.

СУГАТ СИСТЕМАСЫ — сугат жер аймагы ж-а андагы канал ж. б. гидротех. курулуштар тармагы. С. с-на башкы суу топтоочу түйүн, сугат тармагы, коллектор-дренаж тармагы, гидротех., эксплуатациялык курулуш-

тар, токой тилкелери ж. б. кирет. Суу каналга өзү агып же насос станциясы аркылуу келиши мүмкүн. Конструкциясы б-ча С. с. ачык, жабык (куур) ж-а айкалыш болуп айырмаланат. Ачык С. с. кеңири тарап, ал жерге канал, темир-бетон ноо түрүндө салынат. Жабык С. с. туруктуу, жарым туруктуу ж-а көчмө болуп айырмаланат. Мында арык куур м-н алмаштырылып, жамгырлатып сугаруу колдонулат. Көп жылдык эгилме жайытта насос станциясы, жамгырлатып сугаруучу установка («Фрегат») пайдаланылат. Жабык С. с. эң натыйжалуу келип, суу коромжу болбойт, суу бөлүштүрүүнү автоматташтырууга мүмкүндүк берет. Ири айкалыш С. с. ачык магистрал каналынан ж-а чарба аралык бөлүштүргүчтөн, көбүнчө бетондолгон нуктан ж-а чарба ичиндеги куурдуу сугат тармагынан турат. С. с. жерг. шартка ылайыкталып түзүлөт. СССРде Кубань-Калаус, Терек-Кума, Түн. Крым, Кара-Кум ж. б. С. с. курулган ж-а кайра ондолгон. Кырг-нда Чоң-Чүй, Ат-Башы, Ак-Буура, Майлы-Сай, Куланак, Ош-Арча, Чоң-Талас каналдарынан, Төрт-Күл, Киров, Токтогул, Орто-Токой, Найман суу сактагычтарынан С. с. түзүлүп, респ-канын чарбаларын суу м-н камсыз кылууда.

Ад.: Костяков А. Н., Основы мелиораций, 6 изд., М., 1960.

СУГАТ ТАРМАГЫ — сугат жерге суу берүүчү туруктуу ж-а убактылуу суу нуктары (арык, куур); сугат системасынын негизги элементи. Ал агызуучу ж-а жөндөөчү тармактардан туруп, суу өлчөмүн чөнөө үчүн шаймандар ж-а курулмалар м-н жабдылган. Ачык сугат системасындагы агызуучу тармак магистрал каналдарынан, чарба аралык, чарб. ж-а чарба ичиндеги бөлүштүргүч каналдардан турат. Суу дарыя, суу сактагыч ж. б-дан магистрал каналдар аркылуу алынып, чарбага же участкаларга жеткирилет, чарба ичиндеги арыктар м-н керектүү жерлерге бөлүштүрүлөт. Ачык сугат системасындагы жөндөөчү тармак убактылуу салынган арыктан, бороздон турат да, суу сугарылуучу жерге берилет же жер жамгырлатуучу машиналар аркылуу сугарылат. Жабык сугат системасында куур (түтүк), шлаиг, суу жамгырлатуучу машиналар үчүн гидранттуу ажыратылма куурлар пайдаланылат.

Ад.: Попов К. В., Мелиоративные каналы, М., 1969.

СУГАТ ЫКМАСЫ — сугат тармагындагы агын суу м-н жерди сугаруу аркылуу топуракты нымдоо жолу. С. ы. сугарылуучу өсүмдүктүн өзгөчөлүгүнө, жердин табигый ж-а чарб. шартына ылайыкталат. Көбүнчө жайын сугаруу, жамгырлатып сугаруу, агызма С. ы. пайдаланылат. С. ы-нда бороздоо, кулак байлоо, канал, ок арык, убактылуу сугат тармагы, ноо арык, жамгырлатма машина, куур ж. б. кеңири колдонулат.

Ад.: Техника полива сельскохозяйственных культур, М., 1970.

СУДАК (Stizostedion) — окундар тукумундагы балык уруусу. Уз. 120 *см*, салм. 12 *кг*га жетет. С-тын 5 түрү белгилүү. Көбүнчө кадимки С. Балтика, Кара, Азов деңиздеринин



Кадимки судак.

алаптарында таралган. Балкаш, Бийли көлдөрүнө, айрым суу сактагычтарга, Ысык-Көлгө коё берилген.

СУДАН, Судан Демократия Республикасы—Түн.-Чыгыш Африкадагы мамлекет. Түндүгүнөн Египет, түн.-батышынан Чад, түш.-батышынан Борб. Африка респ-касы, түштүгүнөн Заир, Уганда, Кения, түш.-чыгыш ж-а чыгышынан Эфиопия м-н чектешет; түн.-чыгышынан Кызыл деңиз чулгайт. Аянты 2,5 млн $км^2$. Калкы 17 млн (1977). Борбору — Хартум ш. (калкы 1 млндон ашык, шаар айланасы м-н, 1977). 18 провинцияга бөлүнөт.



Мамлекеттик түзүлүшү. С. — респ-ка. Конституциясы 1973-ж. кабыл алынган. Мамлекет башчысы — президент. Ал куралдуу күчтөрдүн да жог. башкы командачысы. Закон чыгаруучу жог. органы — Улуттук элдик чогулуш. Аткаруу бийлигинин жог. органы — С. өкмөтү. Премьер-министрди президент дайындайт. Провинцияларда бийлик органы — аткаруу советтери, төмөнкү админ.-айматтык бирдиктерде — жерг. элдик советтер. 1972-жылдан С-дын түштүгү региондук автономия болуп эсептелет. Сот системасына Жог., апелляциялык ж-а жерг. соттор кирет; мариат соттору да бар. Мамл. гербин ж-а мамл. желегин к. *Мамлекеттик герб, Мамлекеттик желек* макалаларынын таблицасынан.

Табияты. Аймагынын көбү плато ээлейт (бийикт. 300—1000 *м*). Түндүгүндө Ливия ж-а Нубия чөлдөрү, батышында Дарфур ж-а Кордофан платолору, Борб. Африка дөңсөөсүнүн

Дарфур провинциясындагы ландшафт.



тармактары (бийикт. 3187 *м*го чейин) жайгашкан. Кен байлыктары: жез, алтын, хромит, темир ж. б. Климаты түштүгүндө экватордук-муссондук, түндүгүндө тропиктик чөл. Жылдык жаан-чачыны 200—1400 *мм*. Дарыялары: Бахр-эль-Жебель, Собат, Ак ж-а Көк Нил, Атбара. С-дын түндүгү тропиктик жарым чөл, түштүгү саванна зонасында жатат. Жаныбарлары: антилопа, жираф, пил, илбирс, крокодил, цеце чымыны ж. б.

Калкы. Элинин көбү — арабдар. Алардан башка нубийлер, бежалар ж. б. жашайт. Мамл. тили — араб тили. Калкынын $^2/_3$ бөлүгү ислам, калгандары жерг. салт динди тутат. Шаарлары: Хартум, Омдурман, Түп. Хартум, Порт-Судан ж. б.




Хартум ш-нын борб. көчөлөрүнүн бири.

Тарыхы. Азыркы С. аймагында адам эзелтен эле жашаган. С-дын түн. бөлүгүн — Нубияны б. з. ч. 3-миң жылдыкта египеттиктер бир нече жолу каратkан. Б. з. ч. 8-к-да мында Напата (борбору — Напата ш.), 6-к-да Мероэ падышалыгы түзүлгөн. Б. з. 4-к-нда С-дын көп бөлүгүн Аксум падышалыгы каратkан. 6-к-да С-да христиан дини тарап, 7-к-да Мукурра ж-а Алоа мамлекеттери түзүлгөн (кийин биригет). 7-к-да С-га арабдардын басып кириши м-н ислам тарап, феод. мамиле өнүгөт. 15—16-к-да Дарфур, Сеннар султандыктары (мусулман) түзүлүп, 19-к-га чейин жашаган. 1820—22-ж. С-ды Египет каратkан. 1899-ж. С. Англия м-н Египеттин биргелешкен башкаруусуна өткөн (келишим б-ча). Иш жүзүндө С. Англиянын колониясына айланган.

Россиядагы Окт. рев-ясынын таасири м-н дүйнө жүзүндө улуттук-бошт. кыймыл күчөгөндө С-да да бошт. кыймылдар болуп (1918—20), алгачкы саясий-патриоттук уюм (Ак желек лигасы) түзүлгөн.

Экинчи дүйн. согуш убагында (1939—45) С. Англиянын Африкадагы эң маанилүү согуш базаларынан болгон. Согуш жылдары С-да бошт. күрөш күчөп, саясий партиялар: 1943-ж. «Аль-Ашикка» (С. м-н Египеттин биригишин көздөгөн), 1945-ж. «Аль-Умма» (Египеттен четтеп, Англия м-н союздашууну көздөгөн) түзүлгөн. 1946-ж. *Судан коммунисттик партиясы (СКП)* негизделген. С. элинин антиимпер. кыймылын соц. мамлекеттер да колдогон. 1952-ж. Египет рев-ясы С-дын өз тагдырын өзү чечүүгө мүмкүндүк берген. 1955-ж. ноябрда С-дан чет өлкөлүк аскерлер чыгарылып, 1956-ж. 1-январда С. көз карандысыз респ-ка деп жарыяланган. 1956-ж. ООНго ж-а Араб өлкөлөрүнүн лигасына кабыл алынган. 1958-ж. 17-ноябрда С-да мамл. төңкөрүш болуп, генерал И. Аббуд башкарган куралдуу күчтөрдүн Жог. совети бийликке келген. Саясий партияларга тыюу салынган. 1956-ж. С. м-н СССРдин дипл. байланышы түзүлүп, 1959 ж-а 1961-ж. эки өлкө соода, экон., тех. кызматташтык б-ча келишимге кол коёгон. 1956-ж. Египетке, 1967-ж. араб өлкөлөрүнө каршы Израилдин агрессиясында Израилге каршы согуш жарыялаган. Аббуддун аскер өкмөтү өлкөнүн түштүгүндөгү абал оорлон, элдик кыймылдын күчөшүнөн 1964-



ашык) пштетилет; 9,6% шалбаа ж-а жайыт, 37% токой м-н бадал. Негизинен пахта (Африкада 2-орунда), кунжут, жер жаңгак, таруу, ак жүгөрү, курма пальмасы, гуммиарабик өстүрүлөт. 1977-ж. 15,4 млн бодо мал, 26 млн кой-эчки, 3 млн төө болгон. Ө. ж. начар өнүккөн. Тамак-аш (май, жашылча-жемиш, кант), жеңил (пахта тазалоочу), текстиль, булгаары бут кийим, тактай ж. б. өнөр жай тармактары бар. СССРдин жардамы м-н бир нече завод, 2 элеватор курулган. Металл иштетүү, нефть ажыратуу, цемент чыгаруучу ишканалары иштейт. 1974-ж. 0,4 млрд *квт·с* электр энергиясы алынган. Автомобиль жолунун уз. 13,1 миң *км*, т. ж. 475 *км* (1975). Сыртка пахта, жер жаңгак, гуммиарабик, кунжут ж. б. чыгарылып, машина ж-а жабдуулар, химия ө. ж-нын продукцияларын, азык-түлүк ж. б. алат. Кырг-н С-га автомобиль радиатор, электр магнит, автомобиль лампа, токардык патрон, ар түрлүү инструмент берет. Соода шериктери: Индия, Улуу Британия, ГФР, Италия, Япония. Акча бирдиги — судан фунту; 1 судан фунту= 1,66 сом (1979).

Маданияты. Көз карандысыздыкка жетишкенден (1956) кийин өлкөдө эл агартуу б-ча закон кабыл алынганы м-н 1973-ж. калктын 80,5% сабатсыз болгон. С-дын милдеттүү окуу закону жок. Мектепке 7—8 жаштан кабыл алынат. Башталгыч мектеп 6 жылдык, окуу араб тилинде, акысыз. Ислам дини милдеттүү түрдө окутулат. Орто мектеп 2 баскычтуу (3+3) ж-а акылуу, окуу англис тилинде. Жог. билимди ун-т, политех., а. ч., мугалимдер ин-ттары берет. Жог. окуу жайларында окуу акылуу. Хартум шаарында Омдурман ш-нда жана китепканалар бар. Музейлери: Судан улуттук музейи, Этногр. музей ж. б.

С-да чыгаруучу мезгилдүү басылмалар (1977): арабча күнүгө «Аль-Айям» (1956-жылдан) ж-а «Ас-Сахафа» (1962), жумасына «Аль-Кувват аль-Мусаллаха» (1970-жылдан) газеталары ж-а англисче айына «Судан нау» (1976) деген өкмөттүк журнал. Өкмөттүк информ. агентство — Судан ньюс эйдженси (СУНА) 1971-ж. майда ачылган. Радио үктуруусу 1940-ж., мамл. телекөрсөтүү кызматы 1962-ж. уюшулган.

Биринчи элдик чыгармалар 10-к-га таандык. 17—18-к-да ад-т араб мад-тынын бир бөлүгү катары өнүккөн. 19-к-да жазуучулар калкты англ. экспансиягa каршы үндөшкөн. 20-к-дын башында улуттук басма сөз пайда болуп, ад-ттын өнүгүшүнө чоң таасир тийгизген. 30-жылдарда Абу Жукуд, Али Ахмадани, Хамза аль-Малик Тунбуль, Юсеф Башир ат-Тажини ж. б. жазуучулар эмгектенишкен. «Мадраса аль-Фажр» агымынын С. ад-тынын өнүгүшүнө тийгизген таасири чоң. Поэзияда неоклассикалык агымды Мухаммед Саид ал-Аббаси, Абдаллах Абдарахман ж. б-лар негиздеген. Мухаммед Ахмед Махжуб, Абд аль-Халим Мухаммеддер роман, повесть жанрларын баштаган. Гели Абдаррахман, Таж-ас-Сирра Хасан, Мухаммед аль-Файтури, аз-Зубайра Али ж. б. жазуучулардын чыгарылары антиимпер. тенденция мүнөздүү. С. драматургиясы м-н сыны жанынан калыптанууда. С-дын адабий уюмдары: С. жазуучуларынын ассоциациясы (1956) — С. ад-тчыларынын лигасы.

Неолит доорунун эстеликтеринен айбаттардын чоно статуэткалары, сомдомо карапа, аска боорунда коптогон суреттөр сакталган. В. э. ч. 2-миң жылдыкта С. иск-восу Байыркы Египет мад-тынын ыңгында жерг. өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүк байкалат. Христиан дининин кириши м-н ж. 2-октябрда кулаган. СКПнин башка бурж. партиялардын демилгеси м-н Биринчи улуттук фронту түзүлгөн. 1965-ж. С-да бурж. помещиктик чөйрөнүн реакциячыл өкмөтү бийликке келип, ал 1969-ж. 25-майда кулаган соң патриот-офицерлердин Рев-ячыл советинин бийлиги орногон. Өлкө Судан Демокр. Республикасы (СДР) деп аталган. Чет элдик компанияларды мамлекеттештирүү, феод. уруу жерлерин тартып алуу, мамл. аппаратты демократиялаштыруу б-ча реформалар жүргүзүлгөн. С. бейтараптык принципер. саясат жүргүзүүдө. ГДР, ВСР, КӨДР ж. б. соц. мамлекеттер м-н мамиле түзгөн. 1969-ж. Түш. С-да сепаратчык ыкмыл күчөп, согуш аракеттери башталган. 1971-ж. 19—22-июнда солчул офицерлердин ийгиликсиз төңкөрүшүнөн кийин СКП куугунтукталып, секретары А. Х. Махжуб ж. б-лар өлүм жазасына тартылган. 1970-жылдагы мамлекеттештирүү реформалары алынып салынган. 1972-ж. СДР м-н Түш. С-дын ортосунда согушту токтотуу б-ча сүйлөшүүлөр жүрүп, Түштүккө автономия берилген. 1973-ж. Түштүктө биринчи өкмөт түзүлгөн. 1974-ж. Судан соц. союзунун (ССС) 1-улуттук конгресси болгон.

Саясий партиялары, профсоюздары. Судан соц. союзу (ССС), 1972-ж. негизделген. Судан коммунисттик партиясы (СКП), 1946-ж. негизделген, жашырын иштейт. Бир катар партиялар, уюмдар да жашырын иштейт. С. жумушчу профсоюздарынын федерациясы, 1950-ж. негизделген.

Экономикасы. С. — экономикасы начар өнүккөн өлкө. Дүйн. рынокто жог. сапаттагы пахта ж-а гуммиарабик сатуу б-ча көрүнүктүү орунда. Жеринин 3% гана (7 млн *гадан*

Бахр-эл-Газаль провинциясында сизалды кургатуу.





Магдинин Хартумдагы күмбөзү.

(6-к-дын 2-жарымы) кооздолушу жагынан копт иск-восун элестеткен чиркөөлөр курулган. 1956-жылдан турак жай курулуштары пландуу өнүгүүдө. Элдик иск-водо жасалга-колдонмо өнөрүнүн түрлөрү өнүккөн. 20-к-дын ортосунан станковый өнөрдүн улуттук салты калыптанууда.

Ад.: Демократическая Республика Судан. (Справочник), М., 1973; Дмитревский Ю. Д., Шахнович К. А., Ягья В. С., Экономическая география стран Северо-Восточной и Восточной Африки, Л., 1972; Кацнельсон И. С., Напата и Мероэ — древние царства Судана, М., 1970; Новейшая история арабских стран (1917—1966), М., 1968; Современная арабская литература. Сб. ст., М., 1960; Поэты Судана. Сост. Г. Лебедев, М., 1967; Суданская поэзия XX в., М., 1972.

СУДАНДЫКТАР, к. *Арабдар.*

СУДАН КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫ (СКП) 1946-ж. негизделип, узакка чейин «Судан улуттук-боштондук кыймылы» деген ат, м-н жашырын иштеген. Судандын көз карандысыздыгы жарыяланган соң (1956, 1-янв.) СКПнин 3-съезди (1956, февр.) «Судандын көз карандысыздыгын, демократияны жана тынчтыкты чыңдоо жолу» деген программа кабыл алган. СКП улуттук-демокр. рев-яны андан ары өнүктүрүү үчүн Судандын прогрессчил күчтөрүн бириктирген. СКП 1964-ж. генерал Аббуддун аскер диктатурасы кулатылган соң ачыкка чыккан. Бирок 1965-ж. реакциячыл күчтөрдүн бийликке келиши м-н кайрадан жашырын иштеген. 1967-ж. октябрда СКПнин 4-съезди жашырын өтүп, партиянын жаңы уставын ж-а программасын кабыл алган. 1969-ж. 25-майда реакциячыл режим кулаган соң СКПнин өкүлдөрү да өкмөт составына кирген. Бирок 1971-ж. июлда солчул офицерлердин ийгиликсиз кыралдуу мамл. төңкөрүшүнөн кийин СКП куугунтукталып, БКнын ген. секретары А. Х. Махжуб ж-а партиянын башка жетекчилери өлтүрүлгөн.

СКПнин делегациясы Коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын эл аралык кеңешмелерине (1960, 1969, Москва) катышып, алардын документтерин жактырган.

СУДАН ТИЛДЕРИ — 1) 20-к-дын 1-жарымында африка таанууда Судандагы тилдерди жалпы жонунан атоо үчүн алынган классификациялык термин. Мурда (1927-жылга чейин) С. т-н бир баба тилден чыккан, бир тил уясындагы тилдер деп эсептеген теория болгон. Ал теориянын туура эместиги 20-к-дын 50—60-жылдарында амер. окумуштуу Ж. Гринберг тарабынан далилденип, «С. т.» термини баштагы ил. маанисинде колдонулбай калды. Анткени теги бир эмес пилот, манде дегендей тилдер деле С. т. катары эсептеле берген. 2) Африка тилдеринин азыркы генеалогиялык классификациясында «чыгыш судан тилдери» ж-а «борб. судан тилдери» деген терминдер колдонулат. Чыгыш С. т-не нилот тилдери, нубий, бареа, мурле-дидинга-мекан, темейн, ньимафитти, мерарит-тама ж-а даго тилдери (балким ньингья ж-а теусо тилдери да), борб. С. т-не багирми, крейш, бинга, мору-мади, мангбету, мангбуту ж-а ленду тилдери кирет.

СУДАН ЧӨБҮ, судан соргосу (Sorghum sudanense) — дан өсүмдүктөр тукумунун сорго уруусундагы бир жылдык чөп. Бийикт. 0,5—3 *м*, бир нече сабагы бириңип, түптөнөт. Жылма, тасма жалбырактуу. Шыпыргы гүлдүү. Жапаны түрү Африкада кездешет. Ал Батыш Европада, Түн. ж-а Чыгыш Африкада, Австралияда, СССРдин Европа бөлүгүнүн түш. ж-а түш.-чыгыш райондорунда, Каз-нда, Алтай крайында, Ы. Чыгышта тоют катары колдонулат. Жакшы алысындайт. Гектарынан 400 *ц* жашыл масса, 50—80 *ц* чөп, 8—13 *ц* урук жыйналат. 100 *кг* чөптө 57 тоют бирдиги ж-а 7,4 *кг* сиңимдүү протеин бар.



СУДЕТ ТООЛОРУ Батыш Европада, Польша, Чехосл-я, ГДРдин аймагында. Уз. 310 *км*, бийикт. 1602 *м* (Карду чоку). Тектоникалык өрөөндөр м-н бөлүнгөн кырка тоолордон ж-а массивдерден турат. Негизинен гранит, гнейс, сланец, о. эле жанар тоо тектерден (базальт, порфир) турат. Үстү тегиз, капталдары тик; Кркконоше массивинин кыр зонасында мөңгүнүн аракетинен пайда болгон рельефтин формалары кезигет. С. т-нан Эльба, Одра, Морова д-лары башталат. Жазы (эмен, бук) ж-а ийне жалбыректуу (карагай, көк карагай) токой, 1200—1300 *м* бийиктө бадал, шалбаа өсөт. Бальнеология курорттору бар. Туризм ж-а лыжа спорту өнүккөн.

СУДРАБКАЛН, Судрабкалнс Янис (чын аты-жөнү — Арвид Судрабкалнс; 5(17). 5. 1894, Ипчукалнс, азыркы Рига р-ну — 4. 9. 1975, Рига) — латыш совет акыны, латыш эл акыны (1947). Латыш ССР ИАнын акад. (1973), Соц. Эмг. Баатыры (1974). 1951-жылдан КПСС мүчөсү. Чыг-лары 1909-жылдан жарыялана баштаган. «Канаттуу Армада» (1920) лирикалык жыйнагында эл достугун, тынчтыкты ырдайт. «Айлануу» (1923), «Шамалга бет алып» (1931) ыр жыйнактарына эмоциялуу форма, интеллектик интенсивдүүлүк мүнөздүү. «Эшек минген трубадур» (1921), «Көгүш фракчан жентельмен» (1924), «Бир тууган үй-үлөдө» (1947; СССР мамл. сыйл., 1948), «Дагы бир жаз» (1964; Латыш ССР мамл. сыйл., 1965), «Чабалекейлер кайра келет» (1951), «Жазгы ой толгоолор» (1964) ыр жыйнактары идеялык тереңдиги, көркөм чебердиги м-н айырмаланат. Согуштан кийин С-дын чыгылгыында негизги орунду публицистика ээлеген. Ал А. Н. Островский, М. Е. Салтыков-Щедрин ж. б. орус жазуучуларынын чыгарларын латыш тилине которгон. СССР Жог. Советинин депутаты (7—8-шайл.), Латвия КП БКнын мүчөсү. Үч Ленин ордени, башка 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.



Я. Судрабкалн.

Чыг.: в рус. пер. — Стихи, М., 1964; Две новеллы, Рига, 1971.

Ад.: Трофимов Р., Путь поэта, Рига, 1964.

СУЗАК (өзбекче сув—суу, зак—ным, нымдуу, саздак жер) — Ош обл-ндагы Сузак р-нунун борбору, кыштак. Сузак айыл советине карайт. «Коммунизм» ж-а «Москва» к-здорунун аймагында. Фрунзе — Ош автомобиль жолунун боюнда. Жалал-Абад т. ж. станциясынан 8 *км* түш.-батыш тарапта. Калкы 13983 (1979). Эки орто мектеп, мад-т үйү, 2 китепкана, 3 кинотеатр, ооруканa, табият таануу музейи бар. Ата Мек. согушта курман болгондорго эстелик тургузулган. С. 1900-ж. негизделген.

СУЗАК РАЙОНУ — Кыргыз ССРинин Ош обл-на караштуу админ. район. 1940-ж. уюшулган. Түш.-батышынан Ленин, түш.-чыгышынан Тогуз-Торо, түштүгүнөн Өзгөн р-ндору ж-а Өзбек ССРи м-н чектешет. Аянты 2803 *км*². Калкы 128,5 миң (1978). Райондо 8 колхоз, 6 совхоз, 2 токой чарбачылыгы, 137 кыштак бар. Борбору — Сузак кыш.

С. р-нунун аймагы Көгарт өрөөнүн, Кара-Дарыянын жайылмасын ж-а Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталын ээлейт. Кен байлыктары: нефть, газ *(Чангыр-Таш нефть-газ кени)*, көмүр *(Көк-Жангак кени)*, курулуш материалдары. Жеринин көпчүлүк бөлүгү тоолуу. Тоолуу бөлүгүндө Фергана тоосунан тараган айрыктар м-н чектелген бир нече өрөөн, канчыгайлар (Кара-Алма, Коду, Жошо, Орток, Үрүмбаш, Кызыл-Суу, Аюубек) бар. Район аймагынын деңиз деңг. орт. бийикт. 1650 *м*, эң бийик жери 3705 *м*. Климаты мелүүн континенттик, январдын орт. темпрасы —4, °С, июлдуку 26,3°С. Жылдык жаан-чачыны 468—900 *мм*. Ра-



К. Сулайманкулов.

йондун аймагынан Когарт суусу ж-а анын куймалары—Коду, Жошо, Орток, Үрүмбаш, Кызыл-Суу, Аюубек агат. Жарым чөл ж-а курган талаа (700—1300 *м* бийикте; боз топуратуу келип, шыбак, эбелек, камгак ж. б. өсүмдүктөр өсөт), талаа (1000—1600 *м*; бозомук күрөң топуратуу, буудайык, бадал ж. б.), жаңгак-жемиштүү токой (1400—1800 *м;* күрөң, кара күрөң топуратуу), андан жогору шалбаалуу талаа, субальп, альп ландшафт алкактары мүнөздүү. Бийик аска-зоокалуу бөлүгү шагыл, корум таштуу. Жаныбарлары: доңуз, карышкыр, түлкү, кашкулак, коён ж. б.

Калкынын көбү — кыргыз; өзбек, украин, курд, немец ж. б. да жашайт. 1 *км*² жерге 22 киши туура келет.

Жер фондусу 280,4 миң *га*, анын 46,1 миңи айдоо, 2,4 миңи көп жылдык өсүмдүктөр, 14,1 миңи чабынды, 134,6 миңи жайыт (1977). Чарбасынын башкы тармагы — пахтачылык (алынты 12 миң *га*). Район 1978-ж. мамлекетке 33 300 *т* пахта тапшырган. Андан башка дан эгиндери, тоют өсүмдүктөрү, жашылча-жемиш, жүзүм ж. б. өстүрүлөт. 1977-ж. 20,8 миң уй, 216 миң кой-эчки, 6,3 миң жылкы, 4,2 миң чочко, 28,6 миң канаттуу болгон. С. р-нда «Октябрь» шарап з-ду (жылына 20 миң *т* жүзүм ж-а 1000 *т* алма иштеп чыгарат), 3 үй тиричилик комбинаты ж-а анын 87 бөлүмү иштейт (1977). 1976—77-окуу жылында жалпы билим берүүчү 92 мектеп, 2 муз. мектеп, кесипчилик окуу жайы болгон. Райондо 42 клуб, 54 китепкана, 34 киноустановка, 745 орундуу 5 оорукана, 2 поликлиника бар. С. р-нда *Тайгараевдин* бюсту («Дружба» с-зунда), 1941—45-ж. Улуу Ата Мек. согушта курман болгондорго (Ленин атн. к-здо), белгисиз солдатка («Москва» к-зунда) ж. б. эстеликтер тургузулган. Райондун аймагынан Фрунзе — Ош, Жалал-Абад — Анжиян, Жалал-Абад — Кок-Жаңгак автомобиль жолдору, Кок-Жаңгак — Жалал-Абад — Кара-Суу т. ж. өтөт. Райондук газета 1940-жылдан чыгат (адеп «Сталинчи», 1956-жылдан «Ленин жолу», 1965-жылдан «Пахтачы»).

Ад.: Алиев З., Байгуттиев С., Түштүк Кыргызстандын жаратылышы, Фр., 1972; Ильин И. А., Водные ресурсы Ферганской долины, Л., 1959; Киргизия, М., 1970 (серия «Советский Союз»).

СУЗДАЛЬ — РСФСРдин Владимир обл-ндагы шаар. Владимир ш-нан 28 *км* түн. тарапта. Арх-ралык эстеликтерге бай байыркы орус шаарларынын бири. С. 1024-жылдан белгилүү. 12-к-дын 1-жарымында Ростов-Суздаль, 13-к-да Суздаль княздыгынын борбору. 1238-ж. монгол-татарлар орттоп жиберген. 1392-ж. Москва улуу княздыгына кошулган. Поляк-литва интервенцияларынын мезгилинде (17-к.) катуу талкаланган. Байыркы С. Рустагы диний борбордордун бири болгон. 1796-жылдан Владимир губ-нын борбору. Совет бийлиги 1917-ж. 8(26)-ноябрда орногон. 1974-ж. 20-августта 950 жылдыгына байланыштуу С. «Ардак Белгиси» ордени менен сыйланган.

С. Каменка д-нын чукул бурулушунда жайгашкан. 18-к-да түзүлгөн планы (регулярдуу ген. планы 1788-ж. бекилип, аздан жүзөө ашкан) сакталган. 13—17-к-дагы байыркы орус иск-восунун эстеликтери шаарды курчаган жаратылыш чөйрөсү м-н бирдиктүү живопись ансамблин түзөт. Совет мезгилинде көптөгөн реставрациялык иштер жүргүзүлдү. Арх-ра эстеликтери: Кремль аймагында — Богородица рождествосунун собору [(1222—25, фрескалары 13, 15, 17-к-дар, иконостасы 17-к.), архиерей палаталары (15—18-к.), чатырлуу коңгуроо жайы (1635)]; борб. бөлүгүндө ж-а чет жакасында монастырлар ансамбли — Спас-Евфимий (16—17-к.), Ризположенский (16—19-к.), Покров собору (16—18-к.) ж. б. курулуштар. С. туризмдин маанилүү жайы. Анын эстеликтери, музейлери Владимир — Суздаль тарыхый арх-ра ж-а сүрөт музей коругунун карамагына кирет.

Ад.: Вагнер Г. К., Суздаль, М., 1969.

СУЗЫ (эламча Шушан, азыркы Шуш) — байыркы шаар, Элам мамлекетинин борбору. Урандысы Дизфуль ш-нан (Иран) 20 *км* түш.-батышта. Арх-ялык казуулоо 19-к-дын аягынан франц. окумуштуулар жүргүзгөн. Маданий катмарлары б. з. ч. 4-миң жылдыктын 1-жарымынан — б. з. 1-миң жылдыгына таандык. Б. з. ч. 3-миң жылдыктын 2-жарымынан 1-миң жылдыктын 1-отуз жылдыгында Эламдын борбору болгон. 645-ж. ассириялыктар, б. з. ч. 6-к-дын ортосунда перстер талкалаган. С-дан табылган шынаа жазуулары, элам падышаларынын жазуулары, чарб. документтер ж. б. зор маанеге ээ.

СУКАРНО (6. 6. 1901, Сурабая — 21. 6. 1970, Жакарта) — Индонезиянын коомдук ж-а мамл. ишмери. Мугалимдин үй-бүлөсүнөн. 1925-ж. Бандунг технол. ин-тун бүтүргөн. 1927—29-ж. Индонезия улуттук партиясынын алгачкы пред-ли. С. 1929-ж. голландиялык колониячылар тарабынан камалган. Андан чыккан соң 1932-ж. Индонезия партиясына өтүп, пред-лдигине шайланган. 1933-ж. кайрадан камалган. Япондук оккупация (1942—45) мезгилинде Индонезия элинин улуттук-бошт. күрөшүнө көмөктөшкөн. Индонезия респ-касы түзүлгөндөн (1945, 17-авг.) анын алгачкы президенти. С.— *Бандунг конференциясын (1955)* чакыруунун демилгечилеринен. «Элдер ортосунда тынчтыкты чыңдагандыгы үчүн» Эл аралык Ленин атн. сыйл. лауреаты (1960). 1965-жылдын 30-сентябрындагы окуялардан кийин бийликти Сухартого өткөрүүгө аргасыз болгон.

СУККУЛЕНТТЕР (лат. succulentus — ширелүү) — *ксерофиттердин* өзгөчө тибин түзгөн, жалбырак м-н сабактары ширелүү ж-а калың, көп жылдык өсүмдүктөр. Борб., Түп. ж-а Түш. Америкада, Түш. Африканын кээ бир чөлдөрүндө өсөт. Алар жалбырак сабактарына суунү көп топтоп, узак мезгилге үнөмдөп сарптоого ыңгайлашкан. С-дин суунү аз буулантышы *эпидермисинин* калыңдыгы, үтөрүнүн аздыгы, клетка ширесиндеги *осмос басымынын* төмөндүгү ж. б. м-н байланыштуу. С. жалбырактуу (агава, алоэ ж. б.) ж-а сабактуу (кактустар) болуп бөлүнөт. Сабактуу С-дин жалбырагы тикенге, түктөргө айланган. Аларда жалбырактын кызматын калың, ширелүү сабагы аткарат. Айрым кактустардын сабагында 1000—3000 *кг*га чейин суу топтолуп, кургакчылыкта киши ж-а айбанаттарга суунун булагы катары да керектелет. С.— жарыкчыл өсүмдүктөр. Ысык шартта өсүп, жог. темп-рага чыдамдуу. С. көмүртек алмашуусунун өзгөчөлүгүнөн ж-а суунү үнөмдөп сарптагандыктан жай өсөт. Жалбырагы карангыда орг. кислоталар м-н бирге CO_2ни көп топтойт. Кургак мезгилде үттөрү жабык болуп, топтолгон CO_2 көмүртек булагы катары керектелет. С. кооздук, текстиль ж-а тоют өсүмдүктөрү катары өстүрүлөт.

СУЛАВЕСИ, Целебес — Малайя архипелагындагы арал. Индонезиянын аймагы. Аянты 170 миң *км*². Калкы 8,5 млн (1971). Жээктери тик; 4 узун жарым аралдан турат. Чокулары жалпак, капталдары тик тоолор басымдуу. Бийикт. 3455 *м*ге чейин (Рантекомбола чокусу). Минахаса ж. а-нда аракеттеги жанар тоолор (Сопутан ж. б.) бар. Темир рудасынын, никелдин, баалуу металлдардын кендери бар. Климаты субэкватордук, муссондук, түндүгүндө экваторлук; жылдык жаан-чачыны 2000—5000 *мм*. Суулары кыска, көлдөрү (Товути, Посо ж. б.) көп. Нымдуу тропик токою ж-а саванна басымдуу. Айбанаттардан инди-малайя ж-а австралиялык түрлөрү, о. эле бабирусса доңузу, аноа буйволу, пил ж. б. бар. Шалы, батат, кокос пальмасы, кофе өстүрүлөт. Негизги шаарлары — Ужунпанданг (Макасар), Венанг (Манадо).

СУЛАЙМАНКУЛОВ Какин (6. 6. 1933-ж. т., Кемин р-ну, Новороссийка кыш.) — химик, химия илимд. доктору (1967), проф. (1968). Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү (1974). 1961-жылдан КПСС мүчөсү. 1953-ж. КМУнун табият таануу ф-тетин бүткөн. СССР ИАнын Кыргыз филиалынын Суу чарба ин-тунда кенже ил. кызматкер (1953), Кыргыз ССР ИАнын Химия ин-тунда аспирант (1954—57); ст. ил. кызматкер (1958—60), 1961-жылдан азоттуу бирикмелер лабор-ясынын, ошону м-н катар 1977-жылдан кристаллдарды синтездөө ж-а аларды изилдөө лабор-ясынын башчысы. С.—170тен ашуун ил. эмгектин автору. Илимий эмгектери комплекстүү бирикмелер химиясына, алардын физ.-хим. анализине ж-а жаңы бирикмелердин кристаллдарын изилдөөгө арналган. Анын жетекчилиги м-н 200дөн ашуун жаңы, жаратылышта мурда белгисиз бирикмелер ж-а алардын кристаллдары ачылган. Илимдин 18 кандидатын даярдаган (1978). Эки авторлук күбөлүгү бар. Д. И. Менделеев атн. бүткүл союздук химиялык уюмдун Кырг-ндагы бөлүмүнүн пред-ли, СССР ИАнын орг. эмес химия б-ча проблемалык комиссиясынын, СССР «Билим» коомунун алдындагы бүткүл союздук жюрининн (ил. ж-а ил. популярдык иштер б-ча) мүчөсү. Кыргыз ССР ИАнын химия илимдер советинин пред-ли, КСЭнин башкы редакциясынын мүчөсү.

Эмг.: Диаграмма плавкости системы из фторидов лития, натрия, кальция, «Журнал неорганической химии», т. 4, в. 5, М., 1959 (совм. с Г. А. Бухаловой); Solubility isoterm in the system Urea — cadmium sulfate — water, at 30°. Index chemicus, USA, Philadelphia, т. 3, № 9, 1961; Соединения карбамида с неорганическими солями, Фр., 1970; Клатратно-координационное строение кристаллов декакарбамида иодида никеля, «Журнал неорганической химии», т. 1, в. 12, М., 1971 (совм. с М. А. Порай-Кошиц и др.); УФ—спектры поглашения растворов и замещения лигендов в процессе растворения некоторых карбамидных соединений, «Журнал структурной химии», т. 19, М., 1978.

СУЛАЙМАНОВ Кыдык (15. 12. 1919-ж. т., Ысык-Көл р-ну, Корумду кыш.) — тарыхчы, тарых илимд. доктору (1971), проф. (1973). 1944-жылдан КПСС мүчөсү. Кедей үй-бүлөдөн. Фрунзе финансы-экон. техникумун (1939) ж-а Кыргыз пед. ин-тун (1942) бүткөн. 1940-ж. Кырг-ндын геогр. атарын транскрипциялоо комитетинин ст. адабий кызматкери. 1941—42-ж. Сов. Армияда. 1942—44-ж. пед. иште. 1945-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин Президиумунун пред-линин жардамчысы, 1946—47-ж. Фрунзе шаараткомунун, 1947—48-ж. Кемин райаткомунун, 1948—52-ж. Фрунзе облаткомунун пред-линин орун басары. 1952—55-ж. Мугалимдердин билимин оркүндөтүүнүн респ-калык ин-тунун директору. 1955-жылдан К. И. Скрябин атн. Кыргыз мамл. айыл чарба ин-тунда ассистент, доцент, кафедра башчысы. С-дун ил. эмгектери негизинен Кыргындын а. ч. өндүрүшүнүн чыңдалышын, айрыкча мал чарбасынын жогорулатышын изилдөөгө арналган.

Эмг.: Организационно-хозяйственное укрепление колхозов (1946—1950), Фр., 1956; Партийная организация Киргизии в борьбе за техническое оснащение колхозного производства, Фр., 1961; Согуштан кийинки Кыргызстандын мал чарбасы, Фр., 1970.

СУЛАЙМАНОВ Турсуналы (1897-ж. т., азыркы Ош обл., Кара-Суу р-ну, Нариман кыш.— 15. 9. 1971, ошол эле жер) — Соц. Эмг. Баатыры (1957). 1938-жылдан КПСС мүчөсү. 1932-жылдан Кара-Суу р-нундагы Ленин атн. к-здо башкарманын пред-ли. 1956-ж. С. жетектеген колхоз 810 *га* пахта-СССР Жог. Советинин (5-шайл.), Кыргыз ССР Жог. Советинин (3—4-шайл.) депутаты. Ленин ордени, 3 Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

СУЛАЙМАНОВ Харки Юсупович (2. 4. 1895, Верный — 1937) — Жети-Суу-да Совет бийлигин орнотууга ж-а чыңдоого активдүү катышкандардын бири. 1918-жылдан КПСС мүчөсү. Кедей дунган дыйкандын үй-бүлөсүнөн. Верныйдагы орус-тузем мектебин, 1929-ж. Ленинграддагы парт. мектебин бүткөн. Улуу Окт. рев-ясы жеңери м-н Жети-Сууда Совет бийлигин чыңдоо үчүн дунган, уйгур, казак эмгекчилеринен отряд уюштурууга катышкан. 1918-ж. Жети-Суу обл. советтин мүчөлүгүнө, ошол эле жылы декабрда улут иштери б-ча обл. бөлүмдүн начальнигине орун басарлыкка, коллегия мүчөлүгүнө дайындалып, жерг. калктан кызыл гвардиячыл отряддарды, о. эле Кызыл Армия бөлүктөрүн уюштурууда чоң эмгек сиңирген. 1918-ж. июндан дунган аткандар полкунун аскер комиссары. Кырг-ндагы, Ферганадагы контрреволюциячыл күчтөрдү талкалашкан. Гражд. согуштан кийин сов. ж-а чарб. ар кандай кызматтарда болгон.



Т. Сулайманов.



К. Сулайманова.


СУЛАЙМАНОВА Күлсара (1930-ж. т., Панфилов р-ну, Каптал-Арык кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1965). Баатыр эне. Эмгек жолун 1949-ж. Панфилов р-нундагы Панфилов к-зунда кызылчачы болуп иштөөдөн баштаган. 1956-жылдан кант кызылчасын өстүрүүчү авеного башчылык кылат. 1965-ж. анын звеносу 70 *га* жердин ар гектарынан 474 *ц* түшүм алган. СССР Жог. Советинин (7—8-шайл.), Кыргыз ССР Жог. Советинин (9-шайл.) депутаты. Кырг-н КП БКнын мүчөсү (1976). КПССтин 24—25-съезддеринин делегаты. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Ормонбеков М., Күлсара — Парламенттин мүчөсү, Фр., 1971.

СУЛАЙМАНОВА Хадича Сулаймановна (3. 6. 1913, Анжиян — 26. 9. 1965, Ташкен) — мамл. ж-а коомдук ишмер, укук илимд. доктору (1950), проф. (1952), Өзбек ССРинин илимге эмг. сиң. ишмери (1954), Өзбек ССР ИАнын акад. (1956). 1956-жылдан КПСС мүчөсү. С. Өзб-н БАКка караштуу Сов. курулуш ж-а укук ин-тун бүткөн (1935). Респ-канын Жог. сотунун мүчөсү (1935—39), Москва укук ин-тунун аспиранты (1934—41), Ташкен укук ин-тунда мугалим, кафедра башчысы (1941—54), директору (1954—55), ТашМУнун укук ф-тетинде декан (1955—56), Өзбек ССР юстиция министри (1956—59), Өзбек ССР Мин. Советинин укук комиссиянын пред-ли (1959—64), Өзбек ССР Жог. сотунун пред-ли (1964—65). 80ден ашык ил. эмгектин автору. Өзбек ССР Жог. Советинин (5—6-шайл.) депутаты. Эки «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

СУЛАЙМАН ТООСУ (мурдагы — Беракух) Ош ш-нын так ортосунда, Ак-Буура суусунун сол жээгинен орун алган. Уз. 3 *км*, туурасы 1,5—2 *км*, деңиз деңг. бийикт. 1176 *м*. Салышт. бийикт. 300—350 *м*. Палеозойдун аки таш тектеринен турат. Капталдары тик, аскалуу. Этегинде ж-а курчап турган түздүктөрүндө антропогендин борпоң тектери жатат. Тоо капталдарына жарым чөл ландшафты мүнөздүү. С. т-нун чыгыш ж-а батыш тараптарында анчалык бийик эмес кадык тоолор (Орто-Тоо, Чил-Майрам, Чил-Устун ж. б.) жайгашкан.

С. т. Өзгөн капынын ваапри Султан Мази-Сулаймандын (15-к-дын башы) ысмынан аталган. Вазир С. т-н жайкы резиденциясына айландырган. Жерг. эл ж-а четтен келгендер тоого чыгышып, жөн гана сейилдешкен. Эл көп каттагандыгынан пайдаланып, дин кызматкерлери тоону тотемдик даражага жеткиришип, ислам динин таратуучу майданга (аренага) айландырышкан. Молдолор элди алдоо үчүн Сулайман пайгамбардын тактысынын табылгандыгы ж-дө сөз таратышкан. Ошентип Өзгөн вазири Сулайман—пайгамбарга, ал эми анын



эс алуучу жайы — Сулайман тактысына айланып, «ыйык» дацкка ээ болгон. Ил. атеисттик далилдөөлөрдүн натыйжасында С. т-нун «ыйык» эместиги далилденген. Азыр чокусуна түтүк м-н суу чыгарылып, айланасына бак-дарак тигилип, жашылдандырылып, эмгекчилердин эс алуучу жайына айланды. Боорунан үңкүр казылып, анда Түш. Кырг-ндын тарыхы м-н тааныштыруучу бир нече залдан турган өзүнчө оригиналдуу музей жайгаштырылды.



Сулейман Стальский.

СУЛАК — Дагстан АССРиндеги дарыя. Уз. 144 *км*, алабынын аянты 15 200 *км*². Чоң Кавказдын тоолорунан башталган Авар Кой-Суу ж-а Анд Кой-Суу д-ларынын кошулушунан пайда болуп, жог. агымында каньон, капчыгай, төмөнкү агымында кенен өрөөн аркылуу агып, Каспий денизине куят. Негизинен кар суусунан куралат. Орт. чыгымы (чатынан 123 *км*) 176 *м*³/*сек*. Сугатка пайдаланылат. Чирюрт, Чиркей ГЭСтери курулган. Жээгинде Кызылюрт ш. жайгашкан.

СУЛЕЙМАН СТАЛЬСКИЙ (18. 5. 1869, азыркы Дагстан АССРи, Касумкент р-ну, Ашага-Стал айылы — 23. 11. 1937, өшөл эле жер, Махачкалага коюлган) — лезгин совет ашугу, Дагстан эл акыны (1934). Жаштайынан жетим калып, чекене иштерде иштеген, дыйканчылык кылган. Окт. рев-ясына, Гражд. согушка катышкан. 1925-жылдан Дагстан БАКка мүчө. С. С. эпиграммаларында (мис., «Көпөс-төрөлөр», 1915) социалдык теңсиздикти катуу сындаган.

Окт. рев-ясы м-н Гражд. согуш, өзгөргөн турмуш, өскөн эл С. С-дин шыгына дем берсе, 1920-ж. Дагстанда Совет бийлигинин орношу ырчылык арымын кеңейткен. Ал өз мекениндеги ар кандай прогрессчил саамалыктарды жан-дили м-н даңазалап, эмгектин ж-а турмуш-тиричиликтин жаңы формаларын кубаттаган. 1935—36-ж. «Дагстан» аттуу хроника поэма жараткан. С. С. чыг-ларын м-н фольклорду ад-ттын деңгээлине көтөрүп, аны жаңы салттар м-н байыткан. М. Горький жазуучулардын 1-съездинде аны «20-кылымдын Гомери» деп атаган. Чыг-ларын СССР элдеринин тилдерине (кыргыз тилине да) которулган. Ленин ордени м-н сыйланган.

Чыг.: в рус. пер. — Стихи и песни, М., 1936; Избранное, М., 1969; Ырлар, поэмалар, Фр., 1953.

Ад.: Агаев А., Сулейман Стальский. Жизнь и творчество, Махачкала, 1963; Ганаурова Н., Седова Л., Сулейман Стальский (1869—1937). Библиогр. указатель, Махачкала, 1969.

СУЛЕМА — 2 валенттүү сымаптын хлориди, $HgCl_2$.

СУЛЛА Луций Корнелий (б. з. ч. 138—78) — Байыркы Римдин кол башчысы, саясий ишмери. Б. з. ч. 88-ж. консул. Римдиктердин Митридатка каршы биринчи согушунда рим армиясын башкарып, жеңип м-н аяктаган (85 же 84-ж.). Гражд. согуш убагында Марийди ж-а анын тарапкерлерин жеңип (82), биринчи жолу чексиз моонотко диктатор болгон. С-ның тушунда эл чогулушу м-н трибун (Байыркы Римдеги кызмат оруп) саясий мааниснен ажыран, сенат ге-

на мамлекеттин бирден бир жог. органы болгон. 79-ж. полномочиесинен баш тарткан. С-ның диктатурасы Рим респ-касынын терең кризиске учураганын айкындаган.

СУЛТАН (ар.-түркчө — бийлик, башкаруучу) — мусулман өлкөлөрүндө жог. башкаруучунун наамы (титулу). Турцияда 1922-жылга, Марокко-до 1957-жылга чейин сакталган. 13-к.—16-к-дын башында ж-а 1914—22-ж. Египет башкаруучулары С. аталган. Батыш Африкада мусулман өлкөлөрүндөгү ири феодалдар, Омандын башкаруучусу, Түш. Аравиядагы айрым уруу башчылары да С. аталат.

СУЛТАНОВ Кадырмат (1905, азыркы Ош обл., Алай р-ну, Сону-Коргон кыш.— 8. 1957, өшөл эле жер) — Соц. Эмг. Баатыры (1957). 1929-жылдан КПСС мүчөсү. 1927-жылдан комсомолдук, парт. ж-а чарб. уюмдарда иштеген. 1948-ж. Кырг-н КП Лейлек, 1951—57-ж. Ленин райкомдорунун биринчи секретары. С. башкарган район пахта өстүрүүдө ж-а мал чарбасын жогорулатууда зор ийгиликтерге жетишкен. Кыргыз ССР Жог. Советинин (3—4-шайл.) депутаты. Кырг-н КП БКнын мүчөсү (1956). Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

СУЛТАНОВ Камал (1914-ж. т., азыркы Ош обл., Ленин р-ну, Чоң-Багыш кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1971). Кыргыз ССР мамл. сыйл. лауреаты (1976). Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. Ленин р-нундагы «Коммунизм» к-аунда 1941-жылдан пахтачы, 1950-жылдан пахтачылык бригадасына жетекчи. Аның бригадасы СССРдин эл чарбасын өнүктүрүүнүн 8-беш жылдык планын ийгиликтүү аткарган. 1976-ж. 75 *га* жердин гектарынан 55,8 *ц*, 1977-ж. 57 *ц* пахта алган. Эки Ленин ордени, Октябрь Революциясы, 3-дараж. Эмгек Даңкы ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

СУЛУ — Тынч океандагы дениз. Филиппин, Палаван, Калимантан а-дарынын ж-а Сулу архипелагынын ортосунда. Аянты 335 миң *км*², терең. 5576 *м*. Түш. жээгине шуру рифтери мүнөздүү. Суунун үстүңкү катмарынын темп-расы кышында 25,5°С, жайында 29°С, терендиктеги суунуку (500 *м*ден таманына чейин) 10°С. Туяд. 33—34,5‰. Суткада 2 жолу ташкындоо болот (бийикт. 2—3 *м*). Башкы порттору: Илоило (Панай а.), Замбоанга (Минданао а.) жана башка.

СУЛУ (Avena) — дандуулар тукумундагы өсүмдүк уруусу. 70тей түрү бар. Бир ж-а көп жылдык болуп болунөт. Тарам тамырлуу, кыпча жалбырактуу, шыпыргы гүлдүү. Даны кылкандуу. Аның эгилме, византия, бүртүктүү же кылкандуу түрү Евразияда, Австралияда кездешет. Эгилме С.— жаздык же күздүк өсүмдүк. Тамыры жерге 120 *см*че кирет. Машагында 1—3, кээ бир түрүндө 2—7 гүлү бар; 1000 данынын салм. 20—40 *г*. Вегетация мезгили 80—110 күн. Жылуулукту көп керектебейт, нымдуу жерде жакшы өсөт.

С.— негизги тоют өсүмдүгү. Данында 9—19,5% белок, 21—55% крахмал, 7—24% клетчатка, 2,9—5,7% күл, 2—11% май ж-а витаминдер бар. Андан акшак, уп ж. б. жасалат. Саманы, чөбү ж-а силосу малга берилет. СССРдеги С. эгилүүчү негизги райондор: РСФСР, Украина, Белоруссия, Балтика бою респ-лары. Кырг-нда да эгилет. Мыкты сорттору: Львов 1026, Орёл, Надёжный ж. б. Негизги зыянкечтери — кыл куртташвед чымыны; илдеттери — дат, кара көсөө.



Ад.: Митрофанов А. С., Митрофанова К. С., Овес, 2 изд., М., 1972.

СУЛУ-МАЙМАК — Киров р-нундагы Аманбаев айыл советине караштуу кыштак. «Россия» к-зунун аймагында. Райондун борбору Кировдон 33 *км* түн.-батыш таранта. Маймак т. ж. станциясынан 10 *км*. Калкы 1263 (1979). Сегиз жылдык мектеп, клуб, медпункт бар.

СУЛУУЛУК, к. *Асылдык*.

СУЛЬФАДИМЕЗИН — *сульфаниламид дарыларынын* бири. Ар түрдүү жугуштуу ооруларда күкүм ж-а таблетка түрүндө колдонулат.

СУЛЬФАНИЛАМИД ДАРЫЛАРЫ, сульфаниламиддер — сульфанил к-тасынан алынган, микробдорго каршы таасир этүүчү дарылар. С. д-ның бактерияларды өлтүрүүчү касиетин 1934—35-ж. немец илимпозу Г. Домагк ачкан. С. д. жетишпеген дозада берилсе же дарылоо эрте токтотулса, микробдордун С. д-на туруктуу түрлөрү пайда болот. Сульфаниламиддер стрептококк, стафилококк, пневмококк, гонококк, менингококктордун, кээ бир вирустардын көбөйүүсүн токтотот. Организмде болуу мөөнөтүнө карай С. д. аз убакыт (стрептоцид, этазол, сульфадимезин) ж-а узакка таасир этүүчү (сульфапиридазин, сульфадиметоксин) болуп бөлүнөт. С. д-ның көбү ичеги-карында жакшы сиңирилип, канда ж-а органдарда бактериялардын көбөйүүсүн токтотуучу концентрацияда топтолот. Аларды ангина, цистит ж. б-да колдонот. Ичегиде жакшы сиңирилбеген фталазол ж-а сульгинди дизентерия м-н энтероколитте берсе болот. Кээ бир сульфаниламиддер (бутамид) кандагы канттын өлчөмүн азайткандыктан кант диабетинде колдонулат. С. д. организмде кошумча таасир бериши мүмкүн. Анда аллергия, канда лейкоциттердин азайышы, көгөрүү, сийдик жолдорунда ташгтар ж. б. болот. С. д. врачтын сунушу б-ча гана берилет.

Ад.: Машковский М. Д., Лекарственные средства, 7 изд., ч. 2, М., 1972; Панаева М. Т., Рахимова П. А., Дарылар жана алардын кошумча каснетери, Фр., 1977.

СУЛЬФАТТАР, күкүрт кычкыл туздар — күкүрт к-тасынын (H_2SO_4) туздары. С. орто (кадимки) ж-а кычкыл туздар (гидросульфаттар) болуп болунөт. Орто С.— түссүз кристалдык заттар, көпчүлүк учурда сууда жакшы эрийт ($BaSO_4$, $PbSO_4$тон башкасы). Кристаллдашкан суусу бар айрым С. купорос деп аталат, мис., $CuSO_4 \cdot 5H_2O$. С. H_2SO_4то металлдарды эритүүдөн алынат. Хим. өндүрүштө, а. ч-да, медицинада ж. б. колдонулат, к. *Алюминий сульфаты, Аммоний сульфаты, Барий сульфаты, Калий сульфаты*.

СУЛЬФАТТАР табигый — күкүрт к-тасынын туздарынан пайда болгон минералдар. Жалпы хим. формуласы $A_m[SO_4]_pZ_q \cdot xH_2O$ ж-а $A_mB_n[SO_4]_pZ_q \cdot xH_2O$. Табиятта 150дөй минерал белгилүү. Алардын көбү сууда жакшы эрийт. Начар эрүүчүлөрү: гипс $Ca[SO_4] \cdot 2H_2O$, целестин $SrSO_4$, англезит $Pb[SO_4]$; сууда такыр эрибегени — барит $BaSO_4$. Көпчүлүгү ромб, моноклин, чанда триклин системаларында кристаллдашат. Өңү ар түрдүү (составындагы ион-хромофор ж-а кошунду минералдарга жараша). Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 2—3,5; салышт. салм. 1,4—7. Көбү ири суу алаптарында гипергенез ж-а седиментогенез жолу м-н пайда болот. Гидротерм кендеринде барит, чанда суусуз сульфаттар — ангидрит, целестин, англезит кезигет. С. кагаз, резина, айнек жасоодо, жер семирткич, кант өндүрүүдө ж-а медицинада кеңири пайдаланылат.

Ад.: Костов И., Минералогия, пер. с англ., М., 1971.

СУЛЬФИДДЕР — күкүрттүн металлдар ж-а кээ бир металл эместер м-н болгон бирикмелери. С. орто (кадимки) — M_2S ж-а кычкыл (гидросульфиддер) — MHS болуп болунөт. М.— бир валенттүү металл. Жегич металлдардын С-и түссүз, сууда жакшы, ал эми жегич жер металлдардыкы начар эрийт, оор металлдардыкы эрибейт. Суюлтылган кислоталардын таасиринен ж-а нымдуу абалда H_2Sти бөлүп чыгарат. Көп элементтер С. м-н полисульфиддерди пайда кылат. С. элементтер м-н күкүрттү түздөн-түз кошуудан, туздардын суу эритмелери же суу кычкылдары м-н H_2S-тин өз ара аракетинен ж. б. жол м-н алынат. Тери ө. ж-нда, а. ч-нда, жарым өткөргүч материал катары, аналит. химияда ж. б. колдонулат. Көпчүлүк С.— табигый минералдар.

СУЛЬФИДДЕР табигый — металлдардын табигый күкүрттүү бирикмесине кирген минералдар классы. С. жер кыртышынын 0,15%ин түзөт. 200дөн ашык минералы белгилүү. Сульфиддерди пайда кылуучу башкы элементтер: Pb, Cu, Sb, Ag, As, Bi, Fe, Ni, Co; аз ж-а ар түрдүү бирикмелерин түзүүчүлөр: Zn, Cd, Mn, Ge, Sn, Tl, Mo, Hg; изоморф көшундусу түрүндөгүлөрү: Au, Ag, Ga, Ge, In, Tl, Re ж. б. С. көпчүлүгү жарым өткөргүчтүк касиетке ээ; магниттик касиети б-ча диамагниттүү, парамагниттүү, ферромагниттүү, антиферромагниттүү болуп ажыратылат. Катуулугу негизинен *Моос шкаласы* б-ча 1—4; персульфиддики 5—7; салышт. салм. 4—18,3. С-дин басымдуу болүгү гидротерм жолу м-н пайда болгон сульфид рудаларынын составында кезигет. Темирдин, никелдин, жездин, платинанын миндалдарынын сульфиддери ультранегиздүү тоо тектер м-н байланышта болуп, магма процессинде пайда болот.

СУЛЬФИД РУДАЛАРЫ — металлдардын күкүрт бирикмелеринен (сульфиддерден) турган минералдарынын табигый чогундусу. С. р-на металлдардын селендүү, теллурдуу, мышьяктуу, сурьмалуу бирикмелери да кирет. С. р-нан Ni, Co, Cu, Zn, Pb, Mo, Bi, Sb ж-а Hg сыяктуу элементтерден баалуу металлдар алынат. Руда тулкусунда сульфиддер басымдуу болсо, текши же массивдүү; сульфидден башка минералдар басымдуулук кылса, сепкилдүү же тарамчалуу С. р. болуп болунөт. С. р. бир металлдан турса, жөнөкөй же монометаллдуу, бир нече металлдардан турса, комплекстүү же полиметаллдуу деп аталат. Көп таралган полиметалл рудалары: жез сульфиддери, цинк ж-а коргошун. С. р-нын көбү эндоген жолу м-н пайда болот; анда гидротерм кендери басымдуу. С. р. тарам, уя, кабат, линза, шток ж-а түтүк түрүндө жайгашат. С. р-нын кендери АКШда, Югосл-яда, Мексикада, Кытайда, СССРде (Тетюхе, Алтын-Ташкан, Кызыл-Эшме) бар. Кырг-нда Ак-Туз, Ак-Кол, Борду ж. б. кендери белгилүү, к. *Полиметалл рудалары*.

СУЛЬФИРЛӨӨ — орг. бирикмелердин составындагы суутек атомун сульфо тобу м-н ($-SO_3H$) алмаштыруу. Мис., $C_6H_6 + H_2SO_4 \rightarrow C_6H_5SO_3H + H_2O$. С. олеум же күкүрт к-тасынын таасири м-н жүрөт. С.— өндүрүштө кеңири колдонулуучу процесс.

СУЛЬФИТТЕР — күкүрттүү кислотанын (H_2SO_3) туздары. С. орто (Na_2SO_3) ж-а кычкыл же гидросульфиттер ($KHSO_3$) ж. б. туздарга болунөт. С. суу эритмелеринде сульфаттарга чейин кычкылданат. Алар тиешелүү металлдардын суу кычкылдарына же карбонаттарына SO_2ни таасир этүүдөн алынат. Көбүнчө гидросульфиттер текстиль, кагаз ө. ж-нда, фотографияда, орг. синтездерде колдонулат.

СУЛЬФОКСИДДЕР — эки радикал м-н байланышкан >SO тобу бар күкүрттүү орг. бирикмелер. Түссүз илээшкек суюк же кристалл заттар, мис., диметилсульфоксиддин $(CH_3)_2SO$ эрүү



К. Султанов.



Камал Султанов.

т 18,4°С, кайноо т 189°С. Спиртте, эфирде эрийт; күчтүү кислоталар м-н туз сымал зат (мис., $R_2SO \cdot HCl$) пайда кылат. С. орг. сульфиддерди кычкылдандыруудан алынат. Диметилсульфоксид эриткич катары колдонулат. Аны А. М. *Зайцев* ачкан (1886).

СУЛЬФОНДОР — эки орг. радикал м-н байланышкан $>SO_2$ тобу бар күкүрттүү орг. бирикмелер; түссүз, туруктуу кристалл заттар. Ароматтык С. орг. сульфиддерди кычкылдандыруудан, о. эле *Фридель—Крафтс реакциясы* м-н алынат. Медицинада, конструкциялык ж-а электр-тех. тетиктерди даярдоодо колдонулат.

СУЛЬФОН КИСЛОТАЛАРЫ, сульфокислоталар, RSO_3H (R — алифаттык же ароматтык катардагы углеводород радикалы) — ным тарткыч кристаллдык заттар. Сууда жакшы эрийт, күчтүү кислоталарга кирет. Сульфо тобун (SO_3H) башка функциялык топторго алмаштыруу С. к-на мүнөздүү. С. к. баштапкы бирикмелерди пайда кылуу м-н гидролиздепет. Ароматтык С. к. ароматтык углеводороддорду же алардан алынган продуктуларды *сульфирлөө* м-н, ал эми алифаттык С. к. галогенди сульфо тобуна алмаштыруу же углеводороддорду сульфохлорлоодон алынат. С. к. *азобөктөрдү* ж-а самын алууда, медицинада, текстиль ж-а тери иштетүү ө. ж-нда колдонулат.

СУМАТРА — Малайя архипелагынын батышындагы арал. Чоң Зонд а-дар тобунда. Экватордун эки тарабынан орун алган. Индонезиянын аймагы. Аянты 435 миң *км*². Калкы 20,8 млн (1971). Батышын тоолор (Барисан ж. б.), чыгышын аллювий түздүгү ээлейт. Аракеттеги жанар тоо көп (Керинчи жанар тоосунун бийикт. 3800 *м* ж. б.). Нефть, табигый газ, көмүр кендери бар. Климаты экватордук. Абанын жылдык орт. темп-расы 25—27°С. Жылдык жаан-чачыны 1500—3000 *мм*. Дарыялары (ирилери— Муси, Хари, Индерагири, Кампар) ж-а көлдөрү (Тоба) көп. Ойдундарында тропик токою, тоолорунда эмен, бук, лавр ж-а ийне жалбырактуу токой, жээктете мангр бадалдары бар. Каучуктуу өсүмдүктөр, шалы, кофе, кокос пальмасы ж. б. өстүрүлөт. Негизги шаарлары — Медан, Палембанг, Паданг.

СУМБА — Кичи Зонд а-дар тобундагы арал, Индонезиянын аймагы. Аян-

ты 11,2 мың *км*². Калкы 290 мың (1971). Түндүгүн түздүк, түштүгүн ж-а борб. болгон жаныз тоолор (бийикт. 1225 *м*) эөлейт. Климаты субэкватордук, муссондук. Жылдык жаанчачыны 1500—2500 *мм*. Сейрек токой ж-а саванналар басымдуу. Тоолору дайыма жашыл токойлуу. Кофе, тамеки, жер жаңгак өстүрүлөт. Негизги шаары — Вайнгапу.

СУМБАВА — Кичи Зонд а-дар тобундагы арал; Индонезияның аймагы. Аянты 13,3 мың *км*². Калкы 540 мың (1979). Булуң-буйткалуу. Рельефи тоолуу, бийикт. 2821 *м* (аракеттеги Тамбора жанар тоосу). Климаты субэкватордук, муссондук. Жылдык жаан-чачыны 1200 *мм*. Бадал ж-а саванна басымдуу. Тоонун түш. капталдарында эвкалипт ж. б. өсөт. Шалы, соя, жүгөрү, жер жаңгак эгилет. Тамеки, кофе плантациясы бар. Негизги шаары — Раба.

СУМГАИТ—Азерб-н ССРиндеги шаар. Апшерон ж. а-ның түн.-батыш жээгинде, Баку ш-нан 35 *км*. Т. ж. станциясы. Калкы 190 мың (1979). Республика ө. ж-лык мааниси б-ча 2-орунда (Бакудан кийин). Башкы ө. ж-лары: химия (синтет. каучук, «Сумгаитхимпром» бирикмеси) ж-а металлургия (түтүк-прокат, алюминий з-ддору). Курулуш материалдар ө. ж., компрессор з-ду, трикотаж ф-касы иштейт. Азерб-н нефть ж-а химия ин-тунун болүмү, 2 техникум, мед. окуу жайы бар. 1949-жылдан шаар.

СУММА (лат. summa — тыянак, жалпы сан) — чоңдуктарды (сандарды, векторлорду, тензорлорду, матрицаларды ж. б.) кошуунун натыйжасы. Бардык учур үчүн С. орун алмаштыруу, топтоштируу, болуштүрүү касиеттерине ээ.

СУММАЛОО жыйналбас катарды ж-а интегралды — жыйынтык чыгаруу, жалпы сумманы табуу. Жыйналбас катарды С.— кадимки суммага ээ болбогон катардын жалпыланган суммасын түзүү; жыйналбас интегралды С.— кадимки маанige ээ болбогон интегралдын жалпыланган маанисин түзүү. Шарттуу жыйналма катарларды кобойтүүдө, функцияларды Фурье катарына ажыратууда, функциялык катарларды дифференциялоодо ж-а интегралдоодо ж. б. жыйналбас катарлар пайда болушу ыктымал. Көпчүлүк учурда жыйналбас катарларды ж-а интегралды С-го мүмкүн, б. а. алар үчүн кадимки сумманын кээ бир негизги касиеттерине ээ болгон жалпыланган маанидеги сумманы (маанини) табууга болот. Адатта $\sum_{n=0}^{\infty} a_n$ катарының Aга, ал эми $\sum_{n=0}^{\infty} b_n$ катарының Bга суммаланышынан $\sum_{n=0}^{\infty} (\lambda a_n + \mu b_n)$ катарының $\lambda A + \mu B$ га суммалана тургандыгы келип чыгат, ал эми $\sum_{n=1}^{\infty} a_n$ катары $A - a_0$ га суммаланат. С-нун көпчүлүк методдорунда

$$\sum_{n=0}^{\infty} a_n \qquad (1)$$

жыйналбас катарды кандайдыр $\lambda_n(t)$ көбөйтүүчүсүнө көбөйткөндө суммасы $\sigma(t)$ боло тургандай

$$\sum_{n=0}^{\infty} a_n \lambda_n(t) \qquad (2)$$

катары келип чыккыдай $\lambda_n(t)$ тандалып алынат. Мында n дин белгилүү бир маанисинде $\lambda_n(t)$ предели 1ге барабар болсо, анда (2) катардын мүчөлөрү (1) катардын тиешелүү мүчөлөрүнө умтулат. Эгер $\sigma(t)$ пределге ээ болсо, анда ал (1) катардын С-нун ушул методуна туура келген жалпыланган суммасы делет.

Лб.: Харди Г., Расходящиеся ряды, пер. с англ., М., 1951; Зигмунд А., Тригонометрические ряды, пер. с англ., 2 изд., т. 1—2, М.—Л., 1965.

СУМСАР — Ош обл-ның Ала-Бука р-нундагы суу. Сыр-Дарыянын оң куймасы. Уз. 54 *км*, алабынын аянты 324 *км*². Көк-Ала тоосунун чыгыш капталынан башталган Көк-Ала-Сай ж-а Айырма сууларынын кошулушунан пайда болот. Негизинен кар, булак сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 0,97 *м*³/*сек*. Апрелде кирип, сентябрда тартылат. Сугатка пайдаланылат. Жээгинде Кекилик-Коргон, Мончок кыш. бар.

СУМСАР — Ош обл-ның Ала-Бука р-нундагы Сумсар поссоветине караштуу ш. т. посёлка. «Сумсар» рудничинин аймагында. Райондун борбору Ала-Букадан 33 *км* түш.-батыш тарапта, Чуст т. ж. станциясынан (Өзбек ССРи) 48 *км*. Калкы 4795 (1979). Металл кую з-ду, тигүү ф-касы, 3 орто мектеп, 2 мад-т үйү, клуб, 2 китепкана, ооруканa, медпункт бар. С. 1935-ж. Сумсар полиметалл кенин чалгындоого байланыштуу орношкон.

СУМСАР КЕНИ — Ош обл-ның Ала-Бука р-нундагы полиметалл рудасы жайгашкан жер. Сумсар суусунун боюнда, Чаткал кырка тоосунун түш. этегинде, Чуст т. ж. станциясының чыгышында Кен жерг. элге эөелтен белгилүү болуп, үстүнкү кабаты казылып алынган. Бирок, алгачкы геол. маалыматты 1936-ж. геолог А. Садыков берген. Чалгындоо жумуштарын «Средазцветметразведка» трести, кийин Кыргыз ССР геол. башкармасы жүргүзгөн. Кен талаасы бир нече *км*² аянтты ээлеп, геол. түзүлүшү б-ча бирдей шарттагы Түн., Борбордук, Кызыл-Сай, Түш.-Чыгыш, Орто Аралык, Түш., Алыскы сыяктуу бири биринен анчалык алыс эмес участкалардан турат. Кендин аймагын девон мезгилинин доломит, акиташ, кумдук, конгломерат тектери ж-а аларды жиреп чыккан — порфирит дайкалары түзөт. Тоо тектер бүктөлүүгө дуушарланып, «Чоң Сумсар» брахиантиклиналь структурасын пайда кылган. Бул түзүлүштү Чоң-Кол, Кушарт терең жаракалары кесип өтүп, кен талаасын майда болүктөлөргө болүп турат. Кендин жалпы уз. 1800 *м*. Орт. калың. 6,5 *м*ге чейин. Кенде коргошун, цинк, жез ж. б. элементтер бар. Кен 1950-жылдан өндүрүшкө пайдаланылып келе жатат. Алгачкы жылдары ачык казын алынса, кийин жер астынан алынат. Кендин запасы аныктоодо.

СУМЫ — шаар, УССРдеги Сумы облының борбору. Псёл д-нын жээгинде. Т. ж. станциясы. Аэропорту бар. Калкы 228 мың (1979). Маанилүү ө. ж. тармактары: машина куруу (хим. жабдуулар, насос, компрессор ж. б.), тамак-аш (кант, ликёр-арак, сут, эт) ж-а жеңил (нооту, тигүү, бут кийим ж. б.) ө. ж. өнүккөн. Химия, курулуш материалдар ө. ж. ишканалары иштейт. Пед. ин-т, Харьков политех. ин-тунун филиалы, техникумдар, 2 музей, муз. драма театры, филармония бар. 1652-ж. негизделген.

СУМЫ ОБЛАСТЫ УССРде. 1939-ж. 10-январда түзүлгөн. Аянты 23,8 мың *км*². Калкы 1463 мың (1979). 18 район, 15 шаар, 20 ш. т. посёлка бар. Борбору — Сумы ш. Область Ленин ордени м-н сыйланган (1967).

С. о. УССРдин түн.-чыгышында жайгашкан. Аймагынын көбү Днепр бою ойдуңунда, түн. чети Полесье ойдуңунда, чыгышы м-н түн.-чыгышы Орто Орус дөңсөөсүндө жатат. Климаты мелүүн континенттик. Январдын орт. темп-расы —7,1°...—7,9°С, июлдуку 18,4—19,9°С. Жылдык жаанчачыны 550—600 *мм*. Дарыялары: Десна (куймасы — Сейм), Сула, Псёл, Ворскла. Көп болугу токойлуу талаа зонасында жатат; түндүгүндө аралаш токой басымдуу. Жаныбарлары: карышкыр, багыш, арыс, тыйын чычкан, каракур, чил ж. б.

Негизинен украин (87,2%) м-н орустар (11,7%) жашайт. Орт. жыштыгы 1 *км*²ге 61 киши (1979). Шаар калкы 53% (1979). Шаарлары: Сумы, Конотоп, Шостка, Ромны ж. б.

С. о.— көп тармактуу ө. ж. ж-а жог. интенсивдүү а. ч-сы өнүккөн индустр.-агрардык область. Электр энергиясын Сумы, Ахтырка, Шостка ж-а Конотоп ТЭЦтери, Змиевск ГРЭСи берет. Тамак-аш (кант, эт, спирт, ликёр-арак, май, сыр, сут), машина куруу ж-а металл иштетүү (химия ө. ж-на жабдуулар, электрон микроскоптору, насос, оор компрессор куруу, чоюн эритүү ж. б.), химия (түстүү ж-а жонокой кино-сурот плёнкасы, магнитофон лентасы, хим. реактив, жер семирткич ж. б.), нефть ажыратуучу, жеңил (текстиль, тигүү, булгаары-бут кийим, мех) ө. ж. өнүккөн. Токой, жыгач иштетүү, мебель ж-а фарфор-фаянс, курулуш материалдар ж. б. өнөр жай тармактары бар. А. ч-га жарактуу 1658,2 мың *га* жердин 1336,2 мыңы айдоо, 165,1 мыңы чабынды, 136,3 мыңы жайыт. Дан

өгүндөрү, тех. өсүмдүктөр, картофель, жашылча-жемиш, тоют өсүмдүктөрү ж. б. өстүрүлөт. 1978-ж. 922,0 мың үй (санын 376,1 мың), 944,9 мың чочко, 277,2 мың кой-өчки болгон. Автомобиль жолунун уз. 6508 *км*, т. ж. 770 *км* (1979). 1977—78-окуу жылында 759 жалпы билим берүүчү мектеп, 38 кесипчилик, 24 атайын орто, 4 жог. окуу жайы болгон. Ил. из. ин-ттары, 956 китепкана, 3 музей, М. С. Щепкин атн. областтык муз. драма театр ж. б. бар. Областтык «Ленінська правда» (1917-жылдан) газетасы украин тилинде чыгат. 1979-ж. 16,2 мың орундуу 152 ооруканада 2,9 мың врач иштеген. 7 санаторий, 3 эс алуу үйү бар.

Лб.: Історія міст і сіл УРСР. Сумська область, К., 1973.

СУНГАРИ, Сунхуацзян — Кытайдын түн.-чыгышындагы дарыя. Амурдун ири оң куймасы. Уз. 2000 *км*, алабынын аянты 524 мың *км*². Чанбайшань боксе тоосунан башталат. Чыгыш Манжур тоолорун кесип өтүп, Нуньцзян (сол куймасы) кошулгандан баштап Сунляо ж-а Саньцзян түздүктөрү аркылуу түн.-чыгышка агат. Төмөнку агымында Муданьцзян д. (оң) кошулат. Жамгыр сууларынан куралып, жайында ж-а жазында кирет. Орт. чыгымы чатында 2470 *м*³/*сек*. Ноябрда тоңуп, апрелде ачылат. Чатынан Гирин ш-на чейин кеме жүрөт. ГЭС ж-а суу сактагыч курулган. Жээгинде Гирин, Харбин, Цзямусы ш-лары бар.

СУНДУКЯН Габриэл Мкртичевич [29. 6(11. 7). 1825, Тбилиси — 16(29). 3. 1912, өшол эле жер] — армян жазуучусу, драматург. Армян ад-тында сынчыл реализмди негиздегендерден. Петербург ун-тин бүткөн (1850). Адабий чыг-лыгы 60-жылдары башталган. Пьесаларында («Түнкү чүчкүрүк — жакшылыкка», 1866; «Дүрбөлөң», 1881; «Пэпо», 1876; «Жубайлар», 1893 ж. б.) армян коомунун капит. бата өнүгүшүн, анын карама-каршылыгын кыраакы баамдан, социалдык турмушту реалисттик планда сүрөттөйт. С. прозалык чыг-ларында («Варенька кечеси», 1877; «Амалдын ачгемелери», «Адиданын ачгемелери») бурж. коомдогу жеке адам трагедиясы, акыйкатсыздык жөнүндөн баян кылат. С-дын пьесалары СССР ж-а дүйнө элдеринин тилдерине которулган.

Чыг.: в рус. пер. — Избранное, М., 1953.

Лб.: Абов Г., Габриэл Сундукян, Ер., 1956.

СУПЛЯО (Сунгари ж-а Ляохэ д-лардынын атынан), Манжурия түзөнгы ойдуңдуу түздүк. Ляоси, Чоң ж-а Кичи Хинган, Манжур-Корей тоолору м-н курчалган тектоникалык ойдуң. Аянты 300 мың *км*², басымдуу бийикт. 200—300 *м*, түн.-батышында 100 *м*ден төмөн. Негизинен аллювий ж-а көл чөкмө, Сары деңиз жээгине жакын деңиз чөкмө катмарларынан турат. Сунгари ж-а Ляохэ д-ның суу бөлгүчтөрүн бойлой жайгашкан дөңсөөлор гранит, гнейс, базальт тоо тектеринен туруп, лёсс м-н капталган. Батышында ж-а түн.-батышында рельефтин эол формасы (дюна ж. б.) кездешет. Климаты мелүүн, муссондук; кышы суук, жайы жаанчыл. Январдын орт. темп-расы түндүгүндө —20°С...—22°С, түштүгүндө — 8°Сге чейин, июлдуку 20°—25°С. Жылдык жаан-чачын 400—700 *мм*. Талаа зонасы кара ж-а күрөң топурактуу; батышында шор топурак, кум, түндүгүндө түбөлүк тоң кездешет. С-нун түн. ж-а чыгыш четинде токойлуу талаа (бай терек, кара жыгач, эмен, кайың) өсүмдүктөрү өсөт. С-нун чыгыш ж-а түш. болугүндө калк жыш отурукташтыкан; гаолян, маш, чумиза, жүгөрү, шалы айдалат. Ири шаарлары: Харбин, Чанчунь, Цицикар, Шэньян, Фушунь, Гирин.

СУННИЗМ исламдын *шиизмге* карагында ортодоксалдык (таза) деп эсептелген негизги агымы. Мусулмандардын басымдуу көпчүлүгүн С-ге ишенүүчүлөр — сунниттер түзөт. Ислам тараган өлкөлөрдүн ичинен Иранда, Йеменде, Түш. Иракта ж-а СССРде — Азерб-н м-н Тоолуу Таж-нда шииттерге караганда сунниттер аздык кылат. Сунниттердин ыйык жайы — Мекке м-н Медина.

СУННИТТЕР — исламдагы *суннизмге* ишенүүчүлөр.

СУНТАР-ХАЯТА — РСФСРдин Якут АССРи м-н Хабаров крайындагы кырка тоо. Алдан, Индигирка ж-а Охота деңизине куюучу д-лардын суу бөлгүчү. Уз. 450 *км*, бийикт. 2959 *м* (Мус-Хая чокусу). Эффузив ж-а гранит тоо тектеринен турат. Моңгусүнүн жалпы аянты 204 *км*². Капталдарына сейрек (кызыл карагай) токой ж-а тоо тундрасы мүнөздүү.

СУНЧАЛИЕВА Алия Абдуллаевна (12. 8. 1926-ж. т., Ош ш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1971). 1975-жылдан КПСС мүчөсү. Кесипчилик окуу жайында (1940—41) окуган. 1941-жылдан Оштогу ВЛКСМ атн. жибек комбинатында токуучу. 48-бет жылдыктын тапшырмаларын аткарууда мыкты ийгиликтерге жетишкен. Кырг-н Компартиясынын 16-съездинин делегаты. Ленин ордени, «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

СУНЬ ЯТ-СЁН [кытай адабий тилинде — Сунь И-сянь; башкача аты: Сунь Чжун-шань, Сунь Вэнь) (12. 11. 1866, Гуандун провинциясы, азыркы Чжуншань уезди — 12. 3. 1925, Пекин, соогу Панкинге коюлган)]—кытай революционер-демократы. Дыйкан үй-бүлөсүнөн. Сянгандагы (Гонконг) мед. ин-тту (1892) бүткөн. 1894-ж. рев-ячыл уюм Синчжунхойду, 1905-ж. массалык рев-ячыл уюм Тунмэнхойду негиздеген. С. Я.-с. түзгөн «элдик үч принцип» (улуттчулдук, элдик бийлик ж-а элдик жыргалчылык) ал уюмдардын программасы катары кабыл алынган. 1911-жылкы рев-я ишке ашкан соң эмиграцияда жүргөн С. Я.-с. Кытайга кайтып келип, убактылуу президенттикке шайланган. 1912-ж. августта Тунмэнхой м-н либералдык-бурж. уюмдун биригишинен улам гоминьдан партиясы түзүлгөн. С. Я.-с. 1913-ж. Юань Ши-кай ж-а анын тарапкерлерине каршы ачык күрөшүп, ошол эле жылы Японияга эмиграцияга кеткен. Андан 1916-ж. кайтып, 1917-ж. Гуанчжоудо өкмөт түзгөн. С. Я.-с. Улуу Окт. соц. рев-ясынын таасиринен улам 1921-ж. негизделген ККП м-н кызматташып, гоминьданды кайрадан түзүп, 3 принципти мазмунун байыткан. 1924-ж. Я. С.-с. рев-ячыл армиянын негизин түзүп, эмгекчилердин колдоосу м-н контррев-ячыл козголоңду баскан.



А. А. Сунчалиева.



Сунь-Ят-сен.

Лб.: Сенин Н. Г., Общественно-политические и философские взгляды Сунь Ят-сена, М., 1956; Ефимов Г. В., Буржуазная революция в Китае и Сунь Ят-сен (1911—1913 гг.), М., 1974.

СУПА, секиче — жайында жатууга, эс алып отырууга, тамак-аш ичүүгө ылайыкталган тектирче. С. там үйдүн жанына, бактын арасына, тоолуу райондордо боз үйдүн жанына жасалат. Ал жерден 30—40 *см*дей ийдө которулуп курулат. Түн. Кыргыздын көө бир жерлеринде очоктун үстүндөгү (айланасындагы) текче да С. аталат.

СУПЕР... (лат. super — жогортон, үстүндө) — татаал создердүн башкы бөлүгү; мындай маанилерди туюнтат: 1) нерсе сыртында, үстүндө жайгашкан (мис., *супермукаба);* 2) нерсе жог. даражалуу же жог. сапаттуу (мис., *суперэлита);* 3) башчылык кылат (мис., суперарбитр).

СУПЕРМУКАБА — китеп же китепченин үстүнөн кошумча каптама мукаба. С. калың кагаздан жасалат да, бекемдөө үчүн лак сүйөлөт же жалтырак синтет. плёнка жабыштырылат. Кээде С. полимер плёнкадан жасалат. С. мукабаны корком кооздоо ж-а китеп пайдалануунун мад-тын коргөзмө катары жогорулатуу үчүн колдонулат.

СУПЕРОРТИКОН *(супер* ... ж-а гр. orthós — түз, туура, eikón — сүрөттөлүш) — азыркы *телекөрсөтүүдө* кеңири таралган берүүчү телетүтүктөрдүн бири; заряддалды өзүнө тоштоп, сүрөттөлүштү фотокатоддон эки жактуу бутага түшүрүп, жай электрон-



В. И. Суриков.



А. А. Сурков.

дор м-н коммутациялоо (бутадагы суреттөлүштүү саноо) ж-а экинчи *электрон көбөйткүч* м-н сигналды күчөтүү аркылуу *берүүчү телекөрсөткүч түтүк*. С-ду биринчи жолу амер. илимпоздор А. Розе, П. Веймер ж-а Х. Лоу 1946-ж. баландан жазышкан. С-дун негизги түйүнү — иш аткаргыч элементи чала өткөрүүчү плёнка ж-а майда структуралуу металл торчо болгон эки жактуу бута. Мындай бутанын конструкциясын 1939-ж. сов. илимпоз Г. В. Брауде сунуш кылган.

СУПЕРФОСФАТ — кеңири таралган фосфордуу минерал жер семирткич. С. жог. процент түү апатиттүү концентратты же табигый фосфатты 61—67% күкүрт к-тасы м-н ажыратуудан алынат. С-тын негизги баалуу заты — сууда эригич, өсүмдүккө жагымдуу фосфор кычкыл кальций. Андан башка да фосфор к-тасы, гипс, кальций дифосфаты ж-а аз санда өсүмдүккө кыйындык м-н сицирилүүчү фосфор кычкыл темир, алюминий туздары болот. СССРде С-тын бир нече түрү чыгарылат: жөнөкөй, майдаланган, аммонийлүү, марганецтүү ж-а молибдендүү С. Бардык топуракта кеңири колдонулат. Айрыкча шакардуу, нейтралдуу топуракта С. чачуу натыйжалуу. Негизги жер семиртkич катары колдонуудагы С-тын өлчөмү топурактын күрдүүлүгүнө, өсүмдүктүн түрүнө ж-а агротехниканын шартына жараша белгилепет. С. жерди айдоодо, себүү алдында, культивациялоодо ж-а тоңдурма айдоодо чачылат.

Лит.: Прянишников Д. Н., Жерди семиртүү жана которуштуруп айдоо жөнүндө, Фр., 1973.

СУППОРТ, супорт (фр. support — кармап турам, тиреп турам) — металл жонгуч станоктун кескич аспабын же буюмду бекитүүдө ж-а аны иштетүүдө керектүү орунга жылдыруучу негизги жумуш аткаргыч органы. С. жонгучту кармагычтан ж-а аспаптын кыймылын багыттагычтан турат. С. иштетүүнүн түрүнө жараша токардык, жылмалагыч ж. б.; кескич кыпчыткычтын тиби б-ча кескич, револьвердик; станокто жайгашуусу б-ча жог., алдыңкы ж. б.; о. эле багыты ж-а кыймылдын мүнөзү б-ча узата, тууралжын ж-а термелме болуп айырмаланат.

СУПРУН Степан Павлович [20. 7(2. 8). 1907, Речки кыш., азыркы Сумы обл., Белопольский р-ну — 4. 7. 1941, Витебск обл., Толочин р-ну, Монастыри кыш-нын жанында; 1960-ж. соогу Москвадагы Новодевичий көрүстөнүнө көюлган] — эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1940, 1941, өлгөндөн кийин), авиациянын подполковниги (1940). 1930-жылдан КПСС мүчөсү. 1910-жылдан Канадада жашап, 1924-ж. СССРге кайткан. 1929-жылдан Кызыл Армияда. Кенже авиац. адистер (1930) ж-а учкучтардын аскер мектебин (1931) бүткөн. 1939-ж. июлдан 1940-ж. январга чейин Кытайда япондук милитаристтерге каршы согушта истребителдер тобуна, Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) 401-истребителдик авиаполкко командир. Жеке өзү душмандын 2 самолётун атып түшүргөн. Аба салгылашында курман болгон. СССР Жог. Советинин (1-шайл.) депутаты. Эки Ленин ордени ж-а чет элдик орден м-н сыйланган.

СУПУРА — бетине ун, талкан, таруу элене турган ж-а камыр жаюуда пайдаланылчу ашкана буюму.

СУРА — РСФСРдеги дарыя, Волганын оң куймасы. Уз. 841 *км*, алабынын аянты 67 500 *км*². Волга бою дөңсөөсүнөн башталат. Негизинен кар суусунан куралат. Апр.— майда кирет. Орт. чыгымы (чатынан 63 *км*) 253 *м*³/*сек*, эң көбү 7240 *м*³/*сек*, эң азы 10,5 *м*³/*сек*. Ноябрь — декабрда тоңуп, март — апрелде ачылат. Куймалары: Уза, Алатырь, Пьяна (сол), Инза, Барыш (оң). Төмөнкү агымында кеме жүрөт. Жээгинде Сурск, Пенза, Алатырь, Ядрин ш-лары жайгашкан.

СУРАТ КЕЛИШИМИ (1775) англ. Ост-Индия компаниясынын Бомбей совети м-н маратха эзликтеринен куулган Рагхунатх Раонун (пешва тактысын талашкан) ортосунда түзүлгөн. С. к. б-ча Рао англистерден ала турган 2500 солдаты үчүн компанияга Бассейн округун, Салсетт а-н ж. б. жерлдиктерди берүүгө убадалашкан. Келишим биринчи англис-маратха согушунун чыгышына шылтоо болгон. Компаниянын Калькуттадагы жог. бийлиги С. к-н жокко чыгарган. Бирок Бомбей совети С. к-нө ылайык Рагхунатх Раону колдоп, компаниянын Лондондогу директорлор Советине таянып, маратха м-н согушту улантkан.

СУРГУТ — РСФСРдин Тюмень обл-ндагы Ханты-Манси автономия округундагы шаар. Обь д-нын оң жээгиндеги порт. Калкы 106,0 мин (1979). С.— нефть өндүрүүчү (к. *Батыш Сибирь нефть-газ аймагы*) при борбор. ГРЭС, үй куруу комбинаты, токой чарба ө. ж., балык комбинаты бар. Тюмень индустр. ин-тунун бөлүмү, нефть техникуму, муз. окуу жайы бар. С. 1593-ж. негизделген.

СУРДОПЕДАГОГИКА (лат. surdus — дүлөй дегенден) — *дефектологиянын* кулагы катуу ж-а дүлөй балдарды тарбиялоо маселелерин иштеп чыгуучу тармагы. Дүлөйлөрдү окутуу алгач 16—17-к-да Испанияда, Россияда 1806-ж. Павловскиде башталган. Орус С-сын негиздегендер: Г. А. Гурцов, В. И. Флерп, И. А. Васильев, П. Д. Енько. Сов. С-нын өнүгүшүнө Н. М. Лаговский. Ф. А. Рау, Л. С. Выготский, И. И. Данюшевский, Р. М. Боскис, А. И. Дьячкова ж-а С. А. Зыкова салым киргизген. С-нын милдети — балдардын угуу сезиминин начардыгын өндөө ж-а сакталып калган угуу функциясын пайдалануу, жандап (сүйлөө, жазуу) сүйлөөсүн, түшүнүүсүн калыптандыруу, сүйлөө, логикалык ой жүгүртүүсүн өркүндөтүү. Сов. С-нын борбору — СССР ПАнын Дефектология ил. из. ин-ту.

СУРИК — боёк катары пайдалануучу кызгылт ж-а кызгылт-сары түстөгү табигый минерал зат. Коргошун м-н кычкылтектин табигый бирикмеси, к. *Жошо*.

СУРИКОВ Василий Иванович [12(24). 1. 1848. Красноярск — 6(19). 3. 1916, Москва] — орус тарых живописчиси. Петербург САда П. П. Чистяковдон таалим алган (1869—75). Петербург САнын анык мүчөсү (1893). Көчмө



В. И. Суриков. «Ермактын Сибирди багынтышы», кендир, май боёк. 1895. Орус музейи. Ленинград.

сүрөтчүлөр шериктештигине (1881-жылдан), Орус сүрөтчүлөр союзуна мүчө. С. орус тарыхынын маанилүү учурларына кайрылып, чыг-ларында өз мезгили койгон суроолорго жооп табууга умтулган. Ал 80-жылдары «Стрелецтерди жазалоо таңы» (1881), «Меньшиков Берёзоводо» (1883), «Боярыня Морозова» (1887, бардыгы Третьяков гал.) сыяктуу тарыхый темадагы полотнолорун жараткан. С. түркүн психол. абалдагы адамдарды баш коштуруп, окуянын маңызын ачкан новатордук типтеги композиция түзгөн. Анын чыг-ларынын жалпы колорити, түс тактарынын ыргагы, боёо фактурасы ж-а багыты адамды психол. мүнөздөө жагынан чегине жетип, символикалык мааниге өсүп чыккан. С.— андан башка да («Кар чептi алуу», 1891; «Ермактын Сибирди багынтышы», 1895; «Суворовдун Альпыдан ашуусу», 1891; бардыгы Орус музейинде) тарыхый сүрөттөр м-н портреттердин автору. Москвада сүрөт ин-ту С-дун ысмында. Красноярскиде С-дун музей үйү бар.

Лит.: В. И. Суриков (Альбом. Вступ. ст. Н. Г. Машковцева), М., 1960; Кеменов В. С., Историческая живопись Сурикова. 1870—1880-е гг., М., 1963.

СУРИНАМ, Суринам Республикасы — Түш. Американын түн. чыгышындагы мамлекет. Батышынан Гайана, түштүгүнөн Бразилия, чыгышынан Гвиана м-н чектешет. Түндүгүнөн Атлантика океаны чулгайт. Аянты 163,3 мин *км*². Калкы 450 мин (1977). Борбору — Парамарибо ш. (калкы 150 мин, 1975).



Парамарибо ш-ндагы көчө.

Азыркы конституциясы 1975-ж. кабыл алынган. Мамлекет башчысы — президент. Закон чыгаруучу органы — Закон чыгаруучу совет. Мамл. гербин ж-а мамл. желегин к. *Мамлекеттик герб, Мамлекеттик желек* макалаларынын таблицасынан.

С. Гвиана боксо тоосунун (бийикт. 1280 *м*ге чейин) түн. чыгышынан орун алган. Түндүгү түзөң. Кен байлыктары: боксит, марганец, алтын. Климаты субэкватордук, ысык, дайыма нымдуу. Жылдык жаан-чачыны 2300—3000 *мм*. Аймагынын 90% токой.

Элинин көбү индилер (35,3%); андан башка креолдор, индонезиялыктар, негрлер, индеецтер ж. б. жашайт. Мамл. тили — нидерланд (голланд) тили. Шаарлары: Парамарибо, Ньив-Никкери.

Тарыхы. С. жери 16—17-к-да Испания м-н Англияга баш ийген. Англия м-н Голландиянын ортосунда 1667-ж. Бреда ш-нда түзүлгөн келишим б-ча С. аймагы Голландияга өткөн. Бошт. күрөшүнүн натыйжасында С. эли 1954-ж. ички автономия алган. 1960—70-жылдардагы улуттук-бошт. күрөштөн голландиялык колониячылардын бийлиги кулап, 1975-ж. 25-ноябрда С. респ-ка болуп жарыяланган. 1975-ж. ноябрдан СССР м-н дипл. мамиледе. 1975-ж. декабрдан ООНго мүчө.

Саясий партиялары: С. улуттук партиясы (СУП), 1946-ж. түзүлгөн, негизги партия. Улуттук респ-калык партия (УРП), 1961-ж., С. прогрессчил элдик партиясы (СПЭП), 1946-ж. уюшулган. Каум Тани Персатуан Индонезия партиясы, Реформалардын прогрессчил партиясы (РПП), 1949-ж., Прогрессчил улуттук партия, С. демокр партиясы иштейт. Ири профсоюз бирикмелери: Жумушчулардын жалпы союзу, Прогрессчил жумушчу уюму ж. б.

Экономикасынын негизин боксит казып алуу түзөт (капит. өлкөлөрдүн ичинен 3-орунда). Аны Нидерланд м-н АКШ компаниялары пайдаланат. Алюминий, а. ч. сырьёлорун иштетүү (кант, май, маргарин ж. б.), тактай тилүү ж-а жыгач иштетүү ө. ж. ишканалары бар. 1974-ж. 1,5 млрд *кат·с* электр энергия алынган. Аймагынын 1% а. ч-га жарактуу. Негизги а. ч.— шалы. Бал камыш, банан, цитрус өсүмдүктөрү өстүрүлөт. 1974-ж. 230 миң *м*³ баалуу жыгач даярдалган. Сыртка боксит, глинозём, алюминий, жыгач, күрүч ж. б. чыгарып, азык-түлүк, күйүүчү май, автомобиль, мотоцикл, жабдуу ж. б. алат. Соода шериги—АКШ ж-а «Жалпы рынокту» мүчөлөрү. Акча бирдиги — суринам гульдени, 1,78 гульден-АКШнын 1 долларына.

Эл агартуусу. 6—12 жашар балдарга милдеттүү түрдө 6 жылдык билим берилет. 4—6 жашар балдар үчүн мектепке чейинки мекемелер (негизинен менчик) иштейт. Пед. кадрларын пед. ин-т ж-а 2 мугалимдер ин-ту даярдайт. Парамарибо ш-нда китепкана, музей, Суринам ун-ти бар. С-да газета басылат, радио, телекөрсөтүү иштейт.

Лит.: Страны Мира. Краткий политико-экономический справочник, М., 1978.

СУРКОВ Алексей Александрович [1 (13). 10. 1899-ж. т., Середнев кыш., азыркы Ярослав обл., Рыбинский р-ну] — орус совет акыны, коомдук иштмер, Соц. Эмг. Баатыры (1969). 1925-жылдан КПСС мүчөсү. Кызыл профессура ин-тун бүткөн (1934). Гражд. ж-а Улуу Ата Мек. согушка катышкан. Чыг-лары 1918-жылдан жарыялана баштаган. С-дун 30-жылдардагы ырларынын көбү Гражд. согуш темасында жазылган. Мыкты ырларында (обондуу ырлар: «Кичине меште от күйөт...», «Тайманбастар ыры» ж. б., СССР мамл. сыйл., 1946) жалпы элдик жек көрүүнү, жеңишке деген чексиз ишенимди көрсөткөн; «Дүйнөго — тынчтык!» (1950; СССР мамл. сыйл., 1951), «Чыгыш жана Батыш» (1957), «Адамзат жөнүндөгү ырлар» (1961) аттуу ыр жыйнактарында тынчтык каалаган элдердин түпкү максатын билдирген. Анын ад-т маселелери б-ча «Мезгил үнү» жыйнагы бар (1965). Чыг-лары СССР (кыргыз тилине да) ж-а дүйнө элдеринин тилдерине которулган.

С. «Литературная газета» (1944—46) ж-а «Огонёк» (1945—53) журналдарына башкы редактор, СССР Жог. Советине (4—9-шайл.) депутат болгон. Эл аралык Ботев сыйл. лауреаты (1976). Төрт Ленин ордени, башка 4 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Собр. соч., т. 1—4, М., 1965—66; Избр. стихи, т. 1—2, М., 1974; Ырлар, Фр., 1956.

Лит.: Куллинич А. С., Алексей Сурков, К., 1953; Резник О., Алексей Сурков, Путь поэта, 2 изд., М., 1969.

СУРНАЙ, зурна (фарсча сурна, сурнай, сөзмө-сөз — майрамдык флейта) — үйлөмө муз. аспап. Кавказ (азерб-н, армян, грузин ж. б.), О. Азия (тажик, өзбек, кыргыз) элдеринде, кытай (сона), иран ж. б. элдерде колдонулат. *Гобой* аспабы С-дан чыккан. С. камыштан жасалган мүштөк м-н ойнолот. С-дын уз. 300—400

мм, үнду ар кандай бийиктикте чыгаруучу 8—9 тешикчеси бар. С. улуттук урма ж-а кылдуу аспаптар м-н



бирге эл аспаптар ансамблинде ойнолот.

СУРХАН-ДАРЫЯ — Өзбек ССРиндеги дарыя, Аму-Дарыянын ири оң куймасы. Гиссар кырка тоосунан башталуучу Тополоң ж-а Каратаг д-ларынын кошулушунан пайда болот. Уз. 175 *км* (Каратаг д-нын башталышынан 287 *км*). Алабынын аянты 13 500 *км*². Июнь — авг. айларында кирет. Орт. чыгымы (чатынан 6 *км*) 65,8 *м*³/*сек*. Түш. Сурхан суу сактагычы курулган.

СУРХАН-ДАРЫЯ ОБЛАСТЫ Өзбек ССРинде. 1941-ж. 6-мартта түзүлгөн. Өзб-ндын эң түштүгүндө жайгашкан. Аянты 20,8 миң *км*². Калкы 895 миң (1979). Областта 9 район, 7 шаар, 3 ш. т. посёлка бар. Борбору — Термез ш. С.-Д. о. Ленин ордени м-н сыйланган (1967).

Аймагынын көбү тоолуу. Батышында Кугитан-Тоо ж-а Байсун-Тоо, түндүгүндө Гиссар, чыгышында Баба-Тоо кыркалары, түштүгүндө Аму-Дарыя ороону, борб. бөлүгүндө Сурхан-Дарыя ороону жатат. Январдын орт. темп-расы 2,8—3,6°С, июлдуку 28—32°С. Жылдык жаан-чачыны 130—625 *мм*. Негизги дарыясы — Сурхан-Дарыя. Түздүктөрдө чөл, тоолордо талаа өсүмдүктөрү өсөт. Жапыбарлары: жейрен, тоо эчки, доңуз, сүлөөсүн, карышкыр, чөө ж. б.

Өзбек (73,3%), тажик, орус, татар, түркмөн ж. б. жашайт. Орт. жышт. 1 *км*²ге 43,0 киши; шаар калкы 19% (1979). Шаарлары: Термез, Денау, Кум-Коргон ж. б.

Областта 63 ө. ж. ишканасы иштейт. Тамак-аш (май, мөмө-жемиш консервалоо, шарап, пиво, эт, сүт ж. б.), жеңил (пахта тазалоо, тигүү, килем ж-а жибек токуу), курулуш материалдар (темир-бетон буюмдарын чыгаруу, кирпич ж. б.) ө. ж-ларын өнүккөн. Негизги ө. ж-лары Термез ж-а Денау ш-ларында жайгашкан. Тоо-кен ө. ж. (нефть, көмүр ж. б.) да бар. А. ч-га жарактуу жери 1,2 млн *га*, анын ичинен айдоо 248,8 миң *га* (1974). Пахта (1974-ж. 452 миң *т* пахта жыйналган), дан эгиндери, жашылча-жемиш, тоют өсүмдүктөрү өстүрүлөт. Мал чарбачылыгында кой багуу (айрыкча каракөл кою) маанилүү орунда. 1975-ж. 272,3 миң уй (сааны 107,4 миң), 836,8 миң кой-эчки (анын 355,0 миңи каракөл кою), 32,8 миң чочко, 9,9 миң жылкы болгон. Жибекчилик өнүккөн, т. ж. 287 *км* (1974); автомобиль жолу 2080 *км* (1975). Эл аралык маанидеги дарыя порту бар. 1974—75-окуу жылында 685 жалпы билим берүүчү мектеп, 9 кесиптик, 10 атайын орто окуу жайы, пед. ин-т болгон. 417 китепкана, 2 музей, драма театры ж. б. иштейт. Обл. «Ленин байроғи» (1935-жылдан), «Ленинское знамя» (1941) газеталары чыгат. 1974-ж. 7,4 миң орундуу 79 ооруканада 1,1 миң врач иштеген. «Жайранхана» бальнеологиялык дарылоочу жай, балдар санаторийлери, эс алуу үйлөрү бар.

Ад.: Эргешов Ш. Э., Ландшафты Сурхандарьинской области, Таш., 1974; Халияров Х., Бычков Д. Д., Блинников А. И., Сурхандарьинская область. Экономико-географический очерк, Таш., 1974.

СУРЬМА (лат. Stibium), Sb — Менделеевдин мезгилдик системасынын V тобундагы хим. элемент, ат. н. 51, ат. м. 121,76. С. табигый 2 изотоптон турат: ^{121}Sb (57,25%), ^{123}Sb (42,75%). Жер кыртышында массасы б-ча $5 \cdot 10^{-5}$%. С-нын 27 минералынын ичинен маанилүүсү — *антимонит* (Sb_2S_3) ж. б. *сурьма рудалары*. Таза С. — көгүш келген күмүш түспөл ак металл, өтө морт; эрүү t 630,5°С, кайноо t 1635—1645°С, тыгыз. 6,73 *г*/*см*³, жылуулукту, электр тогун начар өткөрөт. Атомунун сырткы электрондук катмары 3 электрондон турат. Ал +5, +3, —3 валенттүү. Кадимки шартта кычкылтек, күкүрт, фосфор ж. б. м-н кошулбайт. Концентрацияланган күкүрт, туз к-таларында туздарды $SbCl_3$, $Sb_2(SO_4)_3$ пайда кылуу м-н бир аз эрийт. Минералдын составына жараша С. 2 жол м-н алынат. 1) Жог. темп-рада сурьма сульфиддерин (мис., Sb_2S_3) темир же көмүртек күкүмү м-н калыбына келтирүү (пирометаллургиялык). Бул метод респ-кабыада (1935) чыгарылган. 2) Жегич-сульфид эритмесинен Na_3SbS_3түү электролиздөө (гидрометаллургиялык). Кыргыз С-сы Брюсселдеги дүйн. көргөзмөдө (1958) тазалыгы, сапаты б-ча дүйн. эталон катары бекитилген. С. таза түрүндө аз, ал эми Pb, Sn, Bi, As, Al ж. б. металлдар м-н болгон куймалары (200дөн ашык) өндүрүштө, медицинада колдонулат.

Ад.: Шиллянов А. Г., Производства сурьмы. М., 1961.

СУРЬМА КЫЧКЫЛДАРЫ — сурьманын кычкылтек м-н бирикмелери: Sb_2O_3, Sb_2O_4, Sb_2O_5, Sb_2O_3 — түссүз кристалл, сурьма рудаларын жог. темп-рада дистилляциялык ысытуу м-н алынат, текстиль ө. ж-нда ж-а боёк өндүрүүдө колдонулат. Sb_2O_5 — ачык сары кристалл, жог. темп-рада Sb_2O_4кө айланат. Сууда аз, туз к-тасында ж-а жегичтердин эритмелеринде жакшы эрийт. Айнек, карапа, боёк, лак ж-а текстиль, резина ө. ж-нда кеңири колдонулат.

СУРЬМА РУДАЛАРЫ — составында болуп алууга арзырлык олчомдө сурьма металлы бар минералдардын чогундусу. Жаратылышта сурьманын 75 минералы белгилүү, бирок анын бирөө — антимонит гана ө. ж-лык маанидеги негизги минерал. Кээде С. р. татаал сульфиддер же башка минералдарда кошунду түрүндө жолугат. С. р-нын кендери төмөнкү темп-радагы гидротерм жолу м-н пайда болот. Руда түлкулары тарам, ул, линза ж-а кабат түрүндө кезигет. Кен түзүлүшүнө карай кварц-флюориттүү, кварц-антимониттүү, ферберит-шеелит-антимониттүү болуп формацияларга ажыратылат. Өндүрүштүк типтерине карай жалаң гана сурьманын оз минералдарынан түзүлгөн ж-а комплекстүү (алтындуу сурьма, сымаптуу сурьма, вольфрамдуу сурьма, никелдүү сурьма ж. б.) руда кендерине бөлүнөт. Ири кендери Кытай, Боливия, Мексика, Түш. Африка, АКШ ж. б. өлкөлөрдө бар. СССРде Торгой, Раздольный, Терек-Сай, Кадамжай ж. б. кендер белгилүү. Кырг-ндагы Кадамжай кенинен бөлүп алынган сурьма сапаты б-ча дүйн. эталон катары эсептелет. Ал 45 чет өлкөгө сатылат.

СУРЬМА СУЛЬФИДДЕРИ — сурьманын күкүрт м-н бирикмелери: Sb_2S_3, Sb_2S_5. Sb_2S_3түн кристаллдык ж-а аморфтук модификациясы белгилүү, кристаллдык формасы туруктуу келип, жаратылышта антимонит минералы түрүндө жолугат. Ө. ж-да Sb_2S_3 *сурьма рудаларынан* алынат. Сурьманы ж-а анын бирикмелерин алууда Sb_2S_3 эң негизги сырьё. Sb_2S_5 — ачык кызгылт түстөгү аморфтук күкүм. 170°Сде күкүрткө ж-а Sb_2S_3кө ажырайт. Сууда эрибейт, жегич эритмелерде ж-а күкүрттүү жегичте оңой эрийт. Sb_2S_5 — каучук вулканизациясында ж-а пигмент катары колдонулат.

СУРЬМА ХЛОРИДДЕРИ — сурьманын хлор м-н бирикмелери: $SbCl_3$, $SbCl_5$. $SbCl_3$ — ным тарткыч кристалл. Ысытканда туз ж-а күкүрт к-таларда эрийт. $SbCl_3$түү металлдарды хлорлоодон, сурьманы же анын кычкылын туз к-тасында эритүүдөн, о. эле Sb_2S_3түү хлор м-н өз ара аракеттендирип, андан кийин фракциялык дистилляция жолу м-н алынат. Таза $SbCl_3$ негизинен Sb_2O_3түү алууда, текстиль ө. ж-нда, медицинада, аналит. химияда колдонулат. $SbCl_5$ — жагымсыз жыты бар, абада түтөгөн, ачык сары түстөгү суюктук. $SbCl_5$ — сурьманы хлор м-н бир аз ысытканда же $bSCl_3$түү хлорлоодо алынат. Орг. синтездерде колдонулат.

СУС — Тунистин чыгыш жээгиндеги Хаммамет булуңундагы шаар. Калкы 70 миң (1973). Сус вилайетинин админ. ж-а ө. ж.-транспорттук борбору. Порт. Шоссе жолдор тоому. Т. ж. станциясы. Текстиль, металл иштетүү ж. б. бар. С-ту б. з. ч. 1-миң жылдыктын башында финикиялыктар негиздеген (байыркы аты — Гадрумет); Карфаген мамлекетинин маанилүү борборлорунун бири. Б. з. ч. 2-к.— б. з. 5-к-нда Римдин, кийин Византиянын карамагында болуп, 7-к-дын аягынан арабдарга караган. С-та байыркы курулуштардын чалдыбары, катакомбалар сакталган. О. кылымда С-туи бир бөлүгү дубал м-н курчалган (859). Азыр С-та арх-ралык эстеликтерден Чоң мечит (850) ж. б. сак-



Суусарлар макаласына. 1 — булгун; 2 — токой суусары; 3 — сары төш суусар; 4 — чаар күзөн; 5 — арыс; 6 — арыс чычкан; 7 — кара күзөн; 8 — балчы кашкулак; 9 — кашкулак; 10 — росомаха; 11 — суу күзөн; 12 — кундуз; 13 — калан.



Сүт эмүүчүлөр макаласына. 1 — өрдөк тумшук; 2 — ехидна; 3 — баштыкчан көр чычкан; 4 — далдак кулак жарганат; 5 — карышкыр; 6 — булгун; 7 — сүлөөсүн; 8—аюу; 9 — калтар чычкан; 10 — учкуч түлкү; 11 — секирме чычкан; 12 — кенгуру; 13 — төө; 14 — көк жал; 15 — арыс; 16 — кирпи; 17 — тери канат; 18 — тупайя; 19— баштыкчан суусар; 20—лемур коата; 21 — мартышка; 22 — кындыйган лори; 23 — шимпанзе; 24 — африка пили; 25 — тюлень; 26 — зебра; 27 — павиан; 28 — тыйын чычкан; 29 — деңиз мышыгы; 30 — чычкан; 31 — тапир; 32 — керик; 33 — кош аяк; 34 — суу жолборс; 35 — кумурска жегич; 36 — бегемот; 37 — чүткөр; 38 — сокур чычкан; 39 — куну; 40 — коён; 41 — ак каптал дельфин; 42 — иленди; 43 — чопкутчан; 44 — ламантин; 45 — ганг дельфини; 46 — кит; 47 — буйвол; 48 — жейрен; 49 — бугу.

талган. 20-к-дын ортосунан Эски С-тун дубалынын сыртында жаңы шаар осүүдө. С-та Арх-ялык музей, Ислам иск-восунун музейи бар. Туризм өнүккөн.

СУСАНИН Иван (1613-ж. ө.) — орус элинин поляк баскынчыларына каршы 17-к-дын башындагы бошт. күрөшүнүн баатыры. 1612—13-ж. Романовдордун вотчинасына (коругуна) жол корсөтүүчү болуп алынган. С. поляк отрядын атайын киши ото алгыс саздуу токойго алып келгендиги үчүн өлтүрүлгөн. Анын эрдиги көркөм ад-тарда ж-а М. И. Глинканын «Иван Сусанин» операсында дацазаланган. Костромада С-ге эстелик тургузулган.

СУСЛОВ Михаил Андреевич [8(21). 11. 1902-ж. т., азыркы Ульянов обл., Павлов р-ну, Шахов кыш.] — Коммунисттик партиянын, Совет мамлекетинин ж-а эл аралык коммунисттик кыймылдын ишмери, КПСС БКнын Саясий бюросунун мүчөсү, КПСС БКнын секретары. Эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1962, 1972). 1921-жылдан КПСС мүчөсү. Дыйкан үй-бүлөдөн. 1918—20-ж. жакырлар комитетинде иштеген. Жумушчу ф-тетин (Москва, 1924), Москвадагы Г. В. Плеханов атн. эл чарба ин-тун бүткөн (1928). Кийин Кызыл профессура экон. ин-тунда окуп, МГУ ж-а ө. ж. академиясында сабак берген. *Троцкийчил-зиновьевчил антипартиялык блок* ж-а ВКП(б)-нин оңчул уклонуна каршы активдүү күрөшкөн. 1931—34-ж. ВКП(б)-нин Борб. контроль комиссиясында ж-а Жумушчу-дыйкан инспекциясынын Эл комиссариатында, 1936-жылга чейин СССР ЭКСке караштуу Сов. контроль комиссиясында иштеген. 1937—39-ж. ВКП(б) Ростов обкомунда бөлүм башчы, секретарь. 1939—44-ж. ВКП(б) Ставрополь крайкомунун биринчи секретары. Улуу Ата Мек. согушта Закавказье фронтунда Түн. аскер тобунун Согуш Советинин мүчөсү ж-а партизандык отрядын Ставрополь крайлык штабынын начальниги. Эмгекчилерди фашист немецтерге каршы күрөшкө мобилизациялоо ж-а крайдын бүлүнгөн чарбасын калыбына келтирүү б-ча зор иш жүргүзгөн. 1944-жылдын аягында ВКП(б) БКнын Литва ССРи б-ча Бюросунун пред-ли. 1946-ж. марттан ВКП(б) БКнын аппаратында. 1947-жылдан БКнын секретары. 1949—50-ж. «Правда» газетасында башкы редактордун милдетин аткарган. ВКП(б)нин 18-съездинде (1939) Борб. текшерүү комиссиясынын мүчөлүгүнө, ВКП(б)нин бүткүл союздук 18-конф-ясында (1941), КПССтин 19—20, 22—25-съезддеринде БКнын мүчөлүгүнө шайланган. 1955-ж. июлдан КПСС БКнын Президиумунун, 1966-ж. апрелден Саясий бюросунун мүчөсү. СССР Жог. Советинин (1—10-шайл.) депутаты. 1950-жылдан СССР Жог. Советинин Президиумунун мүчөсү, 1954-жылдан Союздар Советинин чет өлдик иштер б-ча комиссиянын пред-ли. Төрт Ленин ордени, Октябрь Революциясы ордени, 1-дараж. Ата Мекендик Согуш ордени, ө. эле БЭРдин Георгий Димитров, ЧССРдин Клемент Готвальд ордендери, медалдар м-н сыйланган.



М. А. Суслов.

Чыг.: Избранное. Речи и статьи, М., 1972; Марксизм-ленинизм — интернациональное учение рабочего класса, М., 1973; На путях строительства коммунизма. Речи и статьи, в 2-х т., т. 1, М., 1977.

СУСПЕНЗИЯЛАР (лат. suspensio — асуу) — суюк дисперстик чөйрөдө катуу бөлүкчөлөрдүн таралышынан түзүлгөн дисперстик системалар (бөлүкчөлөрдүн чоңд. 10^{-4} *см*ден жогору). Структуралашпаган С. *седиментациялык* жактан туруксуз болуп, тартылуу күчүнүн таасиринен чогот. С. курган күкүм м-н суюктукту аралаштыруудан, суюк чөйрөдө катуу заттарды диспергирлөөдөн, коагуляциянын натыйжасында коллоиддүү бөлүкчөлөрдүн ириленишинен алынат. Ал табиятта да пайда болуп турат. С. курулуш технологиясында, карапа, пластмасса, кагаз, лак-боёк материалдарын алуу өндүрүшүндө кеңири колдонулат.

СУТКА—убакыт бирдиги. Ал 24 саатка барабар. Жылдыз С-сы (Жердин өз огун бир айлануу мезгили) ж-а Күн С-сы (Жердин Күнгө салыштырмалуу айлануу мезгили) деп бөлүнөт. Жылдыз С-сы жазгы күн-түн теңелүү чекитиндеги удаалаш эки жог. (же төмөнкү) кульминация болуп өткөн убакытка барабар. Жылдыз С-сынын башталышы катары кабыл алынган бул чектин жог. кульминациясынын моменти жылдыз убактысынын 0 сааты деп эсептелет. *Прецессия* м-н *нутациядан* улам кайсы чекити алынганына жараша чыныгы ж-а орт. жылдыз С-сы болуп бөлүнөт. Жазгы күн-түн теңелүү чекитинин прецессия кыймылынын натыйжасында орт. жылдыз С-сы Жердин чыныгы айлануусунан 0,0084 *сек*та кем. Чыныгы жылдыз С-сынын узактыгы туруксуз ж-а нутациянын натыйжасында дайыма өзгөрүп турат. Жылдыз С-сы практикада убакыт өлчөөгө ыңгайсыз, анткени күн ж-а түндүн алмашуусу м-н дал келбейт. Өндүктан тиричиликте Күндүн жог. же төмөнкү кульминациясынын ортосундагы убактыга барабар Күн С-сы эсепке алынган.

СУУ, суутек кычкылы, H_2O — суутектин кычкылтек м-н аң жөнөкөй хим. бирикмеси; жытсыз, түссүз, даамсыз суюктук. 88,8% кычкылтек, 11,2% суутектен турат. С.— табиятта эң көп таралган бирикме. Ал *гидросфераны* түзөт, минералдардын, тоо тектердин ж-а тирүү организмдердин составына кирет. 1783-ж. А. Лавуазье С. *кычкылтек* м-н *суутектен* турарын, 1785-ж. А. Лавуазье м-н Ж. Мёнье сандык составын аныктаган. С-нун эрүү t 0°С, кайноо t 100°С, муздун тыгыз. 0,9168 *г/см*^{3} (0°С), С-нуку 0,99987 *г/см*^{3} (0°С), эң жог. тыгыз. 1 *г/см*^{3} (+3,98°С). С-нун изотопторунун ичинен составында *дейтерий* бар оор суу D_2O кеңири белгилүү С-нун айрым физ. касиети башка суюктуктардыкынан айырмаланып, тоңгондо тыгыздыгы төмөндөгөндүктөн көлөмү кеңийт, эригенде тарыйт. 0°Сден +4°Сге чейинки темп-рада тыгыздыгы жогорулап, андан ары ысытканда азаят. Анын өздүк жылуулук сыйымдуулугу, өздүк эрүү, кайноо жылуулугу өтө жогору. Мындай өзгөчөлүктөр молекуласынын түзүлүшүнө ж-а молекула аралык өз ара аракеттенин өзгөчөлүгүнө байланыштуу. С. көп заттарды эритет. Газдар (NH_3, CO_2, SO_2 ж. б.) С. м-н хим. реакцияга кирип, жакшы эрийт. Ал — начар электролит, электр өткөргүчтүгү молекуласынын иондорго диссоциацияланышы м-н түшүндүрүлөт: $H_2O \rightleftarrows H^+ + OH^-$. Заттардын С-да эриши *гидраттануу* ж-а *гидролиз* м-н коштолот. С-да көпчүлүк туздар, кислоталар, негиздер жакшы эрийт, алардын эритмеси — *электролиттер*. Орг. заттардан канттар, спирттер ж. б. да жакшы эрийт. С.— хим. жактан туруктуу бирикме, молекуласы 1500°Сден жог. темп-рада гана ажырайт. Атом түзүндөгү кычкылтек С-ну суутек өтө кычкылына кычкылдантат: $H_2O+O=H_2O_2$. Жегич ж-а жегич жер металлдардын активдүүлөрү, фтор кадимки шартта С-ну ажыратат: $2K + 2H_2O = 2KOH + H_2$; $F_2 + H_2O = 2HF+O$. Башка галогендер м-н да реакцияга кирет, азот, суутек м-н коштолбайт. Жог. темп-рада *көмүртек* м-н суу газын пайда кылат: $C+H_2O=CO+H_2$. С. көпчүлүк негиздик ж-а кислоталык кычкылдар м-н коштолуп, тиешелүү негиздерди ж-а кислоталарды берет. Ө. ж-да спирт, альдегид, кетондорду алуу С-ну чексиз углеводороддорго коштууга негиздеген. С. көп хим. процесстерде—катализатор, кычкылтек, суутек, жегичтер, азот к-тасы, спирт, альдегид ж. б. негизги хим. продуктуларды алууда реагент катары катышат. Техникада энергиянын булагы, жылуулук ташыгыч катары ж. б-да кеңири колдонулат.

Тирүү организм үчүн С-нун маанисин өтө зор. Ансыз тиричилик жок. организмде зат алмашуу жүрүүгө мүмкүн эмес. Организмде бардык хим., физиол. ж-а коллоиддик процесстер суу эритмесинде же суунун катышуусу м-н жүрөт. *Фотосинтез* процессинде С. көмүр кычкыл газы м-н бирге орг. затты пайда кылууга катышат. Ткандарда тургор, зат алмашуу продуктуларын ташуу (кан, лимфа, өсүмдүк ширеси), жылуулукту жөнгө салуу ж. б. процесстерди камсыз кылат. Кишинин денесинде

65%ке жакын С. бар. Киши тамаксыз 1 айдан ашык жашай алса, С-суз бир нече күн гана жатай алат (к. *Суусуздануу*). Калк пайдаланган С. эпидемиологиялык жактан ыңгайсыз болуусуна тийиш, к. *Булганч сууларды тазалоо*.

Ад.: Вернадский В. И., История природных вод, Избр. соч., т. 4, М., 1960; Некрасов Б. В., Основы общей химии, т. 1, М., 1965.

СУУ АГЫМЫ — жаан-чачындан ж-а мөңгүнүн эришинен пайда болгон суунун деңиздерге ж-а өбү жерлерге карай агып отүшү. Ал *жер бетиндеги ж-а жер астындагы* С. а. болуп бөлүнөт. С. а. рельефтин түзүлүшүнө, жер кыртышындагы геохим. процесстерге ж. б-га чоң таасир тийгизет. С. а-нын олчомү м-н режими жаан-чачынга, абанын темп-расына, жердин геол. түзүлүшүнө, кыртышка ж. б-га байланыштуу. Белгилүү бир убактагы (жыл, ай ж. б.) С. а-нын олчомү агып өткөн суунун калыңдыгы (тереңдиги) *(мм, см)*, суммардык көлөмү (*м*³, *км*³), орт. чыгымы (*л/сек, м*³*/сек*) ж-а орт. модулу (суу жыйналуучу аянттын 1 *км*²нен 1 секунда агуучу суунун саны *л/сек·км*²) м-н эсептелет. СССРдеги дарыялардын агымынын суммардык көлөмү 4700 *км*², Кырг-нда 52,8 *км*² (анын ичинен Түш. Кырг-нда 21,1 *км*², Ысык-Көл обл-нда 4,1 *км*², Нарын обл-нда 20,8 *км*², Чүй өрөөнүндө 4,0 *км*² ж-а Талас өрөөнүндө 1,6 *км*²). Жылдык С. а-нын олчомү ирригациялык, гидротех. ж. б. курулуш иштеринде маанини чоң.

СУУ АСТЫНАН КЕН КАЗУУ—океан суусунун астынан кен байлыктарды казып алуу. Океандын сайроонунда ж-а түбүндө жаткан кен ачык жол м-н казып алынат. Океан сайроонунда (кургактыктын аянтынын 19%) ж-а түбүндө (Жердин аянтынын 50%) эбегейсиз көп минерал ресурстары топтолгон. Тынч океандын түбүндөгү темир-марганец конкрецияларында гана марганецтин запасы $2{,}4 \cdot 10^{11}$ *т*, кобальт $2{,}8 \cdot 10^{9}$ *т*, никель $9{,}4 \cdot 10^{9}$ *т*, жез $5{,}3 \cdot 10^{9}$ *т* деп эсептелет. Дүйн. океан түшкүрүндөгү кен байлыктар жер астындагы тоо-кен казмалары ж-а бургулоо скважиналары аркылуу алынат. 1974-ж. Японияда, Улуу Британияда, Турцияда, Тайвань а-нда суу астынан 57 көмүр шахтасы, Финляндияда ж-а Канадада эки темир кен шахтасы, Улуу Британияда ж-а СССРде эки калай кени пайдаланылган. Дүйн. океандан кен казып алуунун басымдуу бөлүгү нефть ж-а газ алууга таандык.

СУУ АСТЫНДА БЕТОНДОО — *бетон* аралашмасы суу астына түшүрүлүп, анда *бетон иштерин* аткаруу ыкмасы. С. а. б-до бетон аралашмасы диаметри 200—300 *мм* болгон түтүк аркылуу суу астына түшүрүлөт. Аралашма суу м-н жуулуп кетпес үчүн түтүктүн бетон агып чыгуучу учу дайыма бетондун ичинде болот. С. а. б. өте тереңдиктеги *суу техникалык курулмаларын* суу астындагы бөлүктөрүн курууда, ремонттоодо колдонулат.

СУУ АСТЫНДАГЫ КАҢЬОНДОР — океан ж-а деңиз түптөрүндөгү терең (1—2 *км*ге чейин) өрөөндөр. Деңиз чет жакаларындагы сайроондордон башталып, материк капталдарынан бүтөт. Уз. 120 *км*че, туурасы *км*ден ондогон *км*ге чейин. Айрым С. а. к. ири дарыя чаттары м-н туташ болот (мис., Конго, Инд, Ганг, Амазонка ж. б.). С. а. к-дун пайда болуусу ж-да эки гипотеза бар: эрозиялык (кургактыкта пайда болуп, суугa чөккөн жерлер), тектоникалык (материктин чет жакаларындагы жаракалар).

СУУ АСТЫНДАГЫ КЫРКА ТООЛОР океандардын ж-а деңиздердин түбүндө узатасынан көтөрүлүп жатат. Уз. жүздөгөн, миңдеген *км*, жазылыгы бир нече жүз *км*ге жетет. Айрым чокулары суу үстүнө көтөрүлүп, аралча түрүндө чыгып жатат. Океанга өтмө зонада С. а. к. т. догоо сымал ийилип, аралдарды пайда кылат. Четки деңиздердеги терең чуңкурдуктарда да кездешет; мис., Ямато (Япон деңизи), Бауэрс (Беринг деңизи). Океандын таманында келки, бүктөлүү-келки ж-а жанар тоо кырка тоолору бар. С. а. к. т-дун эң ирриси — океандар ортолугундагы кырка тоолор. Алардын капталдары кокту-колоттуу, орт. жантайышы 5°, айрым бөлүгүнүкү 20°, кырлары тегерегиндеги ойдундардан 3500—4000 *м* бийикке көтөрүлүп турат.

Ад.: Леонтьев О. К., Дно океана, М., 1968; Удинцев Г. Б., Геоморфология и тектоника дна Тихого океана, М., 1972 (Тихий океан, т. 5).

СУУ АСТЫНДАГЫ ӨРӨӨНДӨР деңиз чет жакасындагы сайроондо жантайыңкы ичке коо түрүндө кездешет. Алар айрым учурда кургактыктагы ири дарыя өрөөнүнүн уландысы болот. Узунунан кеткен профилинде өңдөр ж-а босоголор бар. С. а. ө-дүн рельефи ж-а чөкмөлөрү алардын кургактыкта пайда болгондугун айгинелейт. Дарыя өрөөнүнүн деңиздин алдында жылышы Дүйн. океандын деңгээлинин көтөрүлүшүнө же кургактыктын айрым участкаларынын суугa чөгүшүнө байланыштуу.

Ад.: Леонтьев О. К., Геоморфология морского дна, М., 1955;

СУУ АСТЫНДАГЫ РЕЛЬЕФ — океан ж-а деңиз түбүндөгү рельефтин формалары. Алар жер кыртышынын ар түрдүү тибинде (континенттик, континенттен океанга өткөн зонада, океан тереңдигинде) пайда болот. Бул типтердин ири структуралык элементтери: а) материктин суу каптаган четиндеги түздүктөр, о. эле шельф түздүктөрү; б) жантайыңкы түздүктөр ж-а келки тоолордун капталдары, четки деңиздердеги чуңкурдуктар, догоо сымал аралча кырка тоолор ж-а терең көбүлдөр; в) бүктөлүү-келки ж-а океан ортолук кырка тоолор, деңсоолуу, платолуу океан таманы. Алар түздүктөр ж-а океан чуңкурдуктарындагы дөбөлүү түздүктөр м-н болүнгөн. С. а. р-тин ар түрдүү болушу терең жаракаларга байланыштуу. Жер кыртышынын айрым бөлүктөрү жаракаларды бойлото горизонталь багытта жылып, кырка тоо түрүндө көтөрүлүп жатат. Айрым океан ортолук кырка тоолордун кырын бойлой рифт өрөөндөрү болот. Океан таманынын басымдуу бөлүгү лава м-н капталып, андан жанар тоолор көтөрүлүп жатат; кырка тоолордун айрымдары суу үстүнө чыгып, аралдарды пайда кылат. Океандагы кыймыл (толкун, агым ж. б.) суу астындагы морфоскульптуралык формаларды (аккумуляциялык түздүк, жон, кобул, жер көчкү, жылга, шиленди ж. б.) түзөт. Океан ж-а деңиз түбүнүн рельефи жер титиреөөдөн ж-а жанар тоо атылууларынан дайыма өзгөрүп ж-а жаңырып турат. С. а. р-тн ж-а андагы чөкмө тектерди изилдөөнүн мааниси чоң.

Ад.: Щукин И. С., Общая геоморфология, т. 3, М., 1974.

СУУ АСТЫНДАГЫ СПОРТ — спорттун түрү. Ага суу астында сүзүү, чумкуу, туризм, атайын курал м-н атуу ж. б. кирет. Мелдеш бассейн ж-а көлмөдө өткөрүлөт. С. а. с. 20-кылдын 20-жылдары суу астындагы мергенчиликтин пайда болушунан келип чыккан. С. а. с. бир топ өлкөдө (Франция, Италия, ГДР, ЧССР ж. б.) өнүккөн. СССРде С. а. с-тун пайда болушу суучулардын даярдоого байланыштуу (1931). Биринчи мелдештер 1930-жылдары өткөрүлүп, жеңгендерге «Физкультурник-легководолаз» значогу ыйгарылган. СССРде 1956—57-ж. ДОСААФтын клубдарында С. а. с. секциялары уюшулуп, 1958-жылдан жыл сайын мелдеш өткөрүлөт. 1959-ж. СССРде С. а. с. федерациясы түзүлгөн. 1960-жылдан сов. спортсмендер эл аралык мелдештерге катышат.

СУУ АСТЫНДА ЖҮРҮҮЧҮ КАПЫК — суу астында ж-а үстүндө сүзө ала турган, стратегиялык, операциялык-тактикалык ж. б. тапшырмаларды аткарууга ылайыкталган аскердик кеме. Кайыктын суу астына түшкөндө суунун басымына туруштук бере турган металл корпусу тамчы же жумуру түрдө болот. Кайык суугa чөгөрүлөрдө балласт идиштерге суу толтурулат да, ал кайра сыртка чыгарыларда кысылган абанын күчү м-н бошотулат. Кайык суу үстүндө атом энергиясы же дизель установкалары м-н, суу астында атом установкалары, электр аккумуляторлору м-н жүргүзүлөт. Азыркы С. а. ж. к-тар арналышына жараша баллистикалык ж-а канаттуу ракета, торпеда, мина, *радиолокация* ж. б. радиоэлектрон аппараттары м-н жабдылат.

СУУ АСТЫНДА КИНОГО ТАРТУУ — суу астындагы ар түрдүү объектилерди, көрүнүштөрдү, оюндарды, жумуштарды ж. б. кинопленкага түшүрүү. Ал кадимки эле киноаппарат м-н суу астында жүрүүчү кайыктын ж-а сууга терең чөгүүчү прибордун тереңдиги же бети ж. б. аркылуу жүзөө ашырылат. Ал аппаратты иштетүүчү аккумулятору м-н бирге суу кирбей турган бокстун (камера) ичине жайгашкан киноаппарат м-н да тартылат. СССРде биринчи С. а. к. т-чу киноаппаратты 1933-ж. сов. оператор Ф. А. Леонтович түзгөн. Ж. И. Кусто ж-а Э. Ганьян (Франция, 1943) аквалангды (оператор суу астында бир саат ж-а андан көп дем алууга мүмкүндүк берген аппарат) ойлоп тапкандан баштап С. а. к. т. кеңири колдонулууда. Барууга мүмкүн болбогон өтө терең-дикте киноаппарат аралыктан башкарылат. Тартылуучу объект жакшы көрүнбөсө, жарык берүүчү түзүлүштөр пайдаланылат. С. а. к. т. коркем, документ, окуу, ил-понулярдык ж-а ил. из. максатындагы фильмдерди тартууда колдонулат.

СУУ АСТЫНДА ШИРЕТҮҮ ЖАНА КЕСҮҮ кычкылтек газы, электр жаасы, электр-кычкылтек ж-а плазма м-н жүргүзүлөт. Ал суу астындагы конструкцияларды (жүргүзгүч түтүк, суу электр станциясын, порт курулмаларды ж. б.) курууда ж-а бөлүктөрүн ажыратууда, сынган конуролор м-н чөккөн кемелерди көтөрүүдө ж. б-да колдонулат. Суу астында электр м-н ширетүүдө электр жаасы газ көбүкчөсүнүн ичинде күйөт да, ал газ көбүкчөсү жаа разряды бөлүп чыгарган жылуулуктун аракетинен айлана-чөйрөдогу суунун буулануусунун арасында үзгүлтүксүз пайда болуп турат. Суу астында газ-кычкылтек, электр-кычкылтек ж-а плазма м-н кесүүдө кесүүчү аппарат кубаттуу жылуулук талаасын пайда кылып, ал айланадагы сууну муздатпай карман турат.

СУУ БӨЛГҮЧ — жаан-чачын суусун ар тарапка бөлүүчү табигый тосмо. Түздүктөрдө С. б. көп учурда тегиз, билинбеген жончо түрүндө болот. Тынч (Тынч ж-а Инди океандарына куюучу дарыялар) ж-а Атлантика (Атлантика ж-а Түн. Муз. океандарына куюучу дарыялар) океандарынын алаптарын бөлүп туруучу аймак Жердин негизги С. б-ү деп аталат.


СУУ БУЛАКТАРЫН САНИТАРИЯЛЫК КОРГОО — ичиле турган суунун булануусун алдын алууга багытталган закон чыгаруу, уюштируу ж-а санитария-тех. чаралар системасы. Суу м-н камсыз кылуу үчүн көбүнчө жабык булактар, ал эми суунун дебити аз же жер астындагы суулардын сапаты начар болсо, агын суу пайдаланылат. Суунун коргоо зоналары катуу режимдеги ж-а чектөөчү деп бөлүнөт. Катуу режимдеги зонадан суу алынат ж-а суу өткөргүчтөр башталат. Ал тегерете тосулуп, айланасына бак-дарак өстүрүлүп кайтарылат. Булганч суу ичиле турган суугa кошулбоо ж-а каспетине таасирин тийбөө үчүн чектөөчү зона белгиленет. Анын чеги булганууга ж-а суунун табигый тазаланышына жараша болот. Суу м-н камсыз кылууда борборлоштурулган ыңгайсыздандыруу, тазалоо, шорсуздандыруу иштери жүргүзүлөт. С. б. с. к-ну *санитариялык-эпидемиологиялык станция* жүзөгө ашырат.

СУУ БУУСУ — суунун газ абалы. С. б. буу казан, бууланткыч ж. б. ысыткыч аппараттарда сууну ысытып буулантканда алынат. С. б. темп-ра м-н басымга жараша каныккан, өтө ысытылган, каныккан кургак буу болуп айырмаланат. Суу м-н буунун туруктуу тең салмактуулукка жетиши анын каныккан абалын далилдейт. Темп-расы 0°С келген 1 *кг* сууну каныкканга чейин ысытуу үчүн сарпталган жылуулук саны — суу энтальпиясы, канагуу темп-расындагы 1 *кг* сууну каныккан кургак буугa айландыруу (буулантуу) үчүн кеткен жылуулук буу пайда кылуу (буулантуу) жылуулугу деп аталат. С. б. буу машиналарында ж-а турбиналарда жумуш аткаруучу перее катары, үйлөрдү ж-а о. ж-ды ысык суу м-н камсыз кылууда ж. б. техноп. процесстерде пайдаланылат.

СУУ БУУСУНУН СУБЛИМАЦИЯСЫ атмосферада — абадагы суу буусунун (суюк абалга өтпөстөн) катуу (муз, кар) абалга өтүү процесси. Мындай процесс суу буусунун сергилгичтиги (басымы) муздун бетиндеги каныккан буунун сергилгичтигинен көп болуп ж-а абанын температурасы нолдон төмөн учурда пайда болот. С. б. с. атм-рада, жер бетинде ж-а жер бетиндеги перселерде байкалат. Атм-рада суу буусу кар бүртүкчөсүндө, кээ бир катуу бөлүкчөдө катуу абалга өтөт. Атм-радагы С. б. с-нын продуктусу — кар бүртүкчөсүнө айлануучу муз кристаллы. Жер бетине андагы перселерге бубак м-н кыроо түшөт. С. б. с. булут ж-а атмралык жаан-чачындардын пайда болушунда чоң мааниге ээ.

СУУ БҮРГӨЛӨРҮ — муунак буттуулардын уруусу, к. *Дафниялар*.

СУУ БҮРКҮТТӨР (Haliaeetus)—куштардын түйгундар түкумундагы уруу-



Суу бүркүттөр: 1 — ак куйрук суу бүркүт; 2 — ак канат суу бүркүт.

су. Денесинин уз. 75—100 *см*; канатын жайганда 2—2,5 *м*ге жетет. Балтырында жүнүнүн жоктугу м-н *бүркүттөн* айырмаланат. С. б-дүн 7 түрү Түш. Америкадан башка бардык жерде кездешет. СССРде 3 түрү (Кырг-нда 2 түрү — узун куйрук С. б. ж-а ак куйрук С. б.) бар. Узун куйрук С. б. Кырг-нда дарак же аскаларга уялап, 1—3 жумурткасын 35—45 күн басат. Ак куйрук С. б. кышкысын гана кездешет. Балык ж-а суу канаттуулары м-н азыктанып, аянк келтирет. Бирок жылдан жылга саны азайгандыктан алар коргоого алынган.

СУУГА ЧӨГҮҮ — дем алуу жолдоруна суюктук (көбүчө суу) толуп, бүтөлүп калышынан *асфиксиянын* пайда болушу. Кээде суугa түшүп жаткан кезде адам оорулардын (мис., мээге кан куюлуу, жүрөк инфаркты) натыйжасында С. ч-сү мүмкүн. Ага мас болуу, таяк жеп, эси ооп калуу да себепкер. С. ч-дөн 5—7 *минден* кийин өлүп калууга болот. Кээде жардам берип тирилтүүгө мүмкүн. Өлгөн кишинин денесинин териси кубарып, бүдүрөйүп чыгат; сууда 10—15 күн жатса, терининн үстүңкү катмары (эпидермис) сыйрылат. Суудан чыгарып алгандан эки күн өткөнгө чейин ооз-мурдунан ак көбүк чыгат. Сот-мед. экспертиза С. ч-нүн натыйжасын өлөкөнүн кеңейип кетиши, анын салмагынын көбөйүшү, дем алуу жолдоруна ак көбүк, карынга суу толуп калышы м-н аныктайт.

Ад.: Смолянинов В. М., Судебная медицина. (Учебник для мед. институтов), М., 1975.

СУУДА СҮЗҮҮ (спортто) — суууда 100—1500 *м*ге сүзүп жарышуу оюну. С. с-нүн кулач уруп сүзүү, *брасс, баттерфляй*, чалкасынан сүзүү ж. б. ыкмасы бар. С. с.— *суууда топ ойноонун негизи, спорттун беш түрү боюнча мелдештин* бир бөлүгү; суу-мотор, парус спортунда спортсмендерди машыктыруунун эң негизги элементи. Россияда рев-яга чейин С. с. кеңири таралган эмес. 20-к-дын башында 7 жабык бассейн, С. с. б-ча машыгуучулардын саны 1,5 миң гана киши болгон. Россияда С. с. б-ча мелдештер 1-жолу 1913-ж., СССРде 1918-ж. Москвада өткөрүлгөн. С. с. 1928-жылдан СССР спартакиадасынын программасына кирет. Өлкөдө С. с-го ылайыкталган жабык бассейндер курулуп, спортсмендерди жыл бою машыктырууга мүмкүндүк түзүлдү. С. с.— аскердик даярдоонун, «СССРдин коргоого ж-а эмгекке даяр» комплексинин милдеттүү нормативдеринин бири. СССРде 1973-ж. миңден ашуун бассейнде 2 млн-дон ашуун спортсмен машыккан. Ири пйгиликтерге олимпиада чемпиону Г. Н. Прозументщикова (Степанова), Олимпиялык оюндардын ж-а Европанын биринчилигин жеңип алуучулары Х. Х. Юничев, В. В. Коноплёв, В. Н. Никитин, В. И. Сорокин, В. И. Косинский, В. В. Буре ж. б. жетишкен. Кырг-нда С. с. б-ча А. *Анарбаев* 19-Олимпиялык

оюндарга катышкан, Европанын рекордсмени А. Дремин 1977-ж. эл аралык мелдештерде жеңген, жаштардын бүткүл союздук 2-спорт оюндарында 2 алтын медалга татыктуу болгон. Ал олконун курама командасына кирет. Респ-када 1977-ж. 19 С. с. бассейни болуп, С. с. б-ча 2623 киши машыккан.

Ад.: Пинсевский К. А., Тренировка пловцов высокого класса, М., 1970; Васильев В., Никитский В., Обучение детей плаванию, М., 1973.

СУУДА ТОП ОЙНОО, ватерполо — сууда топ м-н ойнолуучу командалык спорт оюну. Ар бири 7 киши-ден турган эки команданын ортосунда 30×20 *м* келген суу аянтында (терең. 2 *м*) өткөрүлөт. Аянттын эки жагына кең. 3 *м*, бийик. 0,9 *м* дарбаза орнотулат. С. т. о. 19-к-дын аягында Улуу Британияда пайда болуп, дүйнө жүзүнө тез тараган. 1900-жылдан *Олимпиялык оюндардын* программасына кирет. С. т. о. Россияда 1908-жылдан өнүгө баштаган. Кырг-ында С. т. о. негизинен 1950-жылдан кеңири тараган. Сов. суучулдар эл аралык ышкыбоздор федерациясына 1948-жылдан мүчө. Кырг-ндын суучулдары өлкөнүн биринчилигине мастерлердин 1-тобу б-ча катышат. Респ-када С. т. о. б-ча 417 киши машыгат (1977).

Ад.: Водное поло. Учебное пособие для тренеров, М., 1963; Штеллер И. П., Наступление — тактика победы, М., 1968.

СУУ ЖАНЫБАРЛАРЫ, гидробионттор — тиричилигин сууда өткөрүүчү жаныбарлар. Суу чөйрөсү абадан 800 эсе тыгыз болгондуктан С. ж-нын сууда жашоо мүмкүнчүлүгү суунун тыгыздыгы м-н байланышкан. С. ж-нын денелери тупук, киликтдек сымал болуп, катуу каптоолору, скелеттери болбойт (медуза, жоноктор, сифонофоралар). Көпчүлүк С. ж. кирпикчелер же шапалакчалардын жардамы м-н жылат. Суунун тыгыздыгы *планктонго* суу катмарында калкып жүрүүгө мүмкүндүк берет. С. ж-нын арасынан кыймылсыз субстратка жабышып жашаган түрлөрү бар. Алардын (омурткасыздар, балыктар ж. б.) уруктануусу сууда өтөт да, бөлүнүү, бүчүрлөө жолу м-н көбөйүү С. ж-на гана таандык. Дем алуусу бакалоору, көз бирлеринде териси аркылуу. Татаал түзүлүштүү кургакта жашоочу жаныбарлардын класстарынын түшкү теги С. ж. болгон. Алардын кайсы бир өкүлдөрү эволюциялык процесстин жүрүшүндө 2-жолу кайрадан сууга жашоого өтүшкөн. Мис., сүт эмүүчүлөрдөн — калак буттуулар, киттер, сиреналар; сойлоочулардан — таш бакалар, жыландар ж. б.

Ад.: Константинов А. С., Общая гидробиология, М., 1967.

СУУ ЖОЛБОРС (Odobaenus rosmarus) — калак буттуулар түркүмүндөгү жаныбар. Денесинин уз. 3,3—3,7 *м*, салм. 1,1—1,5 *т*. Териси калың, моюну бырыштуу. Жаш С. ж-тун жүнү калың, күрөң, ал эми карысыныкы суюк, саргыч түстө. Арткы калак буту м-н кургакта жылат. 18—26 тиши бар. Үстүңкү кылкыйма тиши 3 *кг*, уз. 70 *смге* жетет. Анын жардамы м-н дениздин түбүнөн моллюскаларды таап жейт, душмандарынан коргонот. Андан мончок, бычак, майда скульптура ж. б. кооз буюмдар жасалат. С. ж. уюлдарда тараган.



СССРде көп чогулган жери Врангель а., Чукот ж. а. С. ж. бир жыл көтөрүп, уз. 1—1,2 *м*, салм. 30 *кгга* жеткен баласын тууп, 1—2 жашка чейин сүт м-н багат, 6—7 жашында жыныстык жактан жетилет.

СУУ ЖҮРГҮЧ (водопровод) — суу м-н камсыз кылуучу инженердик курулмалардын ж-а түзүлүштөрдүн комплекси. Азыркы С. ж. арналышына карата коммуналдык ж-а өндүрүштүк (ө. ж-лык же а. ч-лык) болуп айырмаланат. Тазаланган суунu тиричилик үчүн ж-а ө. ж. ишканаларына жеткирет. Анын негизги курулмалары: суу топтомо курулма; суунu тазалоочу жайга ж-а тазаланган суунu шаарга же ө. ж. ишканаларына берүүчү насос станциялары; тазалагыч курулма; таза суунu топтоочу резервуар; суунu керектелүүчү жайга жеткире турган суу жүргүзүлүүчү түтүктөр тармагы, к. *Суу менен камсыз кылуу.*

СУУ ЖЫЛАН (Natrix tessellata) — сойлоочулардын суу жыландар уруусундагы түрү. Уз. 140 *смге* жетет. Жону бозомтук-каралжын, боору агыш-саргыч, агыш-кызгылт. СССРдин европ. бөлүгүнүн түштүгүндө, Кавказда, Каз-нда, О. Азияда таралган. Көбүнчө агын суулардын, көлмөлөрдүн бойлорунда кезигет. Сууда жакшы сүзөт. Тоолордо 2800 *м* бийикке чейин болот. Бака, кур бака, майда кемирүүчү, курт-кумурска, ө. эле башка майда жаныбарларды жейт. Жумурткасын (6—20дан ашуун) жайында тууйт. Кээде чабактарды кырып, балык өстүрүүчүлүккө зыян келтирет.

СУУ ЗАКОНУ СССРде — суунu коргоо ж-а пайдаланууну жөнгө салуучу укук нормаларынын жыйындысы. Иччүгө жарактуу, дарылыгы бар ж-а тех. сууну сатуу, сатып алуу, суу жүргүзгүчүн куруучу мекемелер м-н аны керектөөчүлөрдүн ортосундагы мамиле ж. б. маселелерди негизинен гражд. закон нормалары жөнгө салат. Суу — мамл. менчик. С. з-нун маанилүү актылары: СССР ж-а союздаш респ-калардын суу закондорунун негиздери (1970-ж. 10-декабрда кабыл алынып, 1971-ж. 1-январдан күчүндө), СССР Мин. Советинин 1959-ж. 4-сентябрдагы «Жер астындагы суунu коргоо жана пайдалануу боюнча мамлекеттик контролдукту күчөтүү жөнүндөгү», 1960-ж. 22-апрелдеги «Суу ресурстарын коргоону жана пайдалануунu күчөтүүнү жөнгө салуу боюнча чаралар жөнүндөгү» токтомдору, бир катар союздаш респ-калардын а. ч-да суунu пайдалануу ж-догу закондору, к. *Кыргыз ССРинин суу кодекси.*

СУУ КАДАСТРЫ — олконун суу ресурстары ж-догу системалуу маалыматтар жыйындысы. СССРде кургактагы суулар б-ча С. к-п биринчи жолу 1933—40-ж. Мамл. гидрология институту даярдап, басып чыгарган. Кийинчерээк анын ордуна «Гидрологический ежегодник» чыккан. С. к. гидрологиялык байкоолор ж-а изилдөөлөрдү корутундулоо б-ча алгачкы ири эмгек катары суу чарба курулуштарын пландоону, долбоорлоону ж-а пайдалануунu жакшыртууда көмөк көрсөтүп, ал гидрологиянын илим катары өнүгүшүнө түртүк болгон. Өлкөнүн суу байлыктарын изилдөө ж-а байкоо б-ча жаңы материалдарды топтолушуна, ил. иштеп чыгуулардын жогорулашына, эл чарбасынын гидрологиялык маалыматтарга болгон талаптарынын арбышына байланыштуу «Ресурсы поверхностных вод СССР» аттуу жаңы С. к-п чыгарууга шарт түзүлгөн. Ал үч сериядан турат.

СУУК АЛКАКТАР Түн. жарым шардагы субарктика, арктика ж-а Түш. жарым шардагы субантарктика, антарктика алкактарын камтыйт, к. *Субарктика алкагы, Арктика алкагы, Антарктика алкагы.*

СУУ КИРҮҮ — суунun молдугу ж-а аның децгээлинин жогору көтөрүлүшү м-н мүнөздөлгөн дарыядагы суу режимининн жыл сайын кайталанма фазасы. Мында суу нугунан чыгып, жайылмаларды каптайт. С. к. жазында түздүктөгү кардын, жайында тоодогу кар м-н мөңгүнүн эришине ж-а жамгырдын көп жаашына (мис., жайкы муссонго) байланыштуу. Суу кирген мезгилде аның жылдык агынынын 60—80% өтөт.

СУУККА ТУРУКТУУЛУК курулуш материалдарыныn — материалдардын нымдуу абалда көп жолу төкүп кайра эригенде талкаланып бузулбай чыдоо жөндөмү. Материалдын төмөнкү темп-рада бузулушунун негизги себеби — материалдын ичиндеги майда көңдөйлөргө суу төкүндө аның кеңейиши. С. т. материалдардын структурасына жараша, б. а. алардын суу толо турган көзөнөкчөлөрүнүн салыштырма көлөмү канчалык көп болсо, аның С. т-у ошончолук начар болот. «С. т.» түшүнүгүн ж-а сыноо методикасын биринчи жолу орус илимпозу П. А. Белелюбский киргизген (1886). Курулуш материалдарынын С. т-ун жогорулатуу үчүн суу толуучу көзөнөкчөлөрдү азайтуу ж-а материалдын бет катмарынын тыгыздыгын арттыруу керек. С. т. имараттардын ж-а курулмалардын тышкы тосмо конструкцияларынын узакка чыдашын билдирет.

СУУККА ЧЫДАМДУУЛУК (осүмдүктө) — осүмдүктүн катуу суукка байымдуулугу, кышка чыдамдуулугунун бир түрү. Кыштык өсүмдүктүн жыл сайын узак убакыт чыңалышынын негизинде анда суукка байымдуулук касиет пайда болот. С. ч. осүмдүктөрдүн тукум куучулук касиетине жараша ар кыл. Мис., лимон дарагы —5... —12°Сде куурап калса, карагай, кайың —70°С суукка чыдайт. С. ч. осүмдүк клеткасындагы физ.-хим. процесстерге байланыштуу. С. ч-ту арттырууда суукка чыдамдуу сорт чыгаруу, туура жайгаштыруу, агротехника, кошумча азыктандыруу маанилүү.

СУУ КӨТӨРГҮЧ МАШИНА, суу көтөргүч суюктуктарды, көбүнчө сууну бир орундан башка жайга которуштуруу милдетин аткарат. Мурда сууну алып берүүчү бардык тех. каражаттар, аның ичинде насос да С. к. м. деп аталган. Азыр С. к. м.— негизинен суунun потенциал энергиясынын өзгөрүү эсебинен сууну алып бере турган машина ж-а механизмдер. Жөнөкөй С. к. м.— кудуктан сууну жогору көтөрүүчү шыргый ж-а ворот. Татаал С. к. м-лар — архимед винти, суу көтөргүч дөңгөлөк, нория, эрлифт ж. б.

СУУ КЫЧКЫЛДАР, гидроксидер — элементтердин кычкылдарынын суу м-н хим. бирикмеси. Дээрлик бүт хим. элементтердин С. к-ы белгилүү. Көпчүлүк металлдардын С. к-ы — негиздер, металл эместердики — кычкылтектүү кислоталар (к. *Кислоталар жана негиздер).* Негиздердин хим. касиети составында гидроксил OH^-, кислоталардыкы суутек H^+ ионунун болушу м-н мүнөздөлөт. Негиздик ж-а кислоталык касиетке ээ болгон С. к. амфотердүү деп аталат (к. *Амфотердүүлүк).* Табияттагы С. к. минералдардын чоң тобун түзөт. Алар хим. составы б-ча жөнөкөй (гётит гидраргиллит ж. б.) ж-а татаал (мис., беккерелит) болуп болүнөт. Көп таралган минералдар: диаспор, гётит, манганит, бёмит, гетерогенит, гиббсит, брусит, беккерелит ж. б.

СУУЛАРДЫН РАДИОАКТИВДҮҮЛҮГҮ — атм-радан ж-а топурак м-н тоо тектерден жуулуп келген радиоактивдүү заттардын суунun составында болушу. Сууда табигый (^{40}K, ^{222}Rn, ^{226}Ra, ^{238}U ж. б.) ж-а ядролук жарылуудан пайда болгон жасалма (негизинен ^{90}Sr, ^{90}Y ж-а ^{137}Cs) изотоптор болот. Суунun пайда болушуна карата андагы табигый радиоактивдүү заттардын өлчөмү түрдүүчө. Жасалма радиоактивдүү заттар сууга атм-радан жаан-чачын аркылуу келет. Мис., ядролук куралды сыноонун натыйжасында жер бетиндеги суудагы ^{90}Sr концентрациясы 1968-жылга чейин үзгүлтүксүз жогорулап, айрым учурда 10 *пкюри/л*ге жеткен. Жасалма радиоактивдүү заттардын табигый ядролук энергия иштеп чыгаруучу ишканалардын таштандылары.

СУУ ЛЫЖА СПОРТУ — сүйроочу катердин жардамы м-н спортсмен суу үстүндө атайын лыжада жүрүүчү спорт түрү. Мелдеш 3 түрдө (трамплинден секирүү, фигуралык тебүү ж-а тоскоолдуу аралыктан өтүү) жүргүзүлөт. 1949-ж. Францияда дүйн. 1-чемпионат өткөрүлгөн. Бүткүл дүйн. чемпионат 2 жылда бир болот. СССРде С. л. с. б-ча мелдеш 1958, Бүткүл союздук чемпионат 1965-жылдан (жылына) өткөрүлөт.

СУУ МЕНЕН ДАРЫЛОО — дарылоо ж-а профилактика максатында сууну колдонуу. Суу организмдеги *рецепторлорду* дүүлүктүрүп, жылуулук, мех. ж-а хим. таасир берет. Суунun темп-расына жараша процедуралар муздак (20°Сден төмөн), салкын (21—33°С), жылымык (34—36°С), жылуу (37—39°С) ж-а ысык (40°Сден жогору) болот. С. м. д-нун натыйжасында организмде биол., биохим. ж-а биофиз. татаал процесстер жүрүү м-н начарлаган функциялар калыбына келет. Суу м-н жаба куюнуу, имидүү сүртүнүү же оронуу, *душка,* ваннага түшүү, ичегиге суу жүгүртүү ж. б. жолдор м-н жүрөк-кан тамыр, ичегикарын, гинекологиялык ооруларда, зат алмашуу бузулганда ж. б. жүргүзүлөт.

СУУ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУ — керектөөчүлөрдү (калкты, ө. ж. ишканаларын, транспортту ж. б.) суу м-н камсыз кылуу чараларынын жыйындысы. С. м. к. к-ну ишке ашыруучу инженердик курулмалардын комплекси С. м. к. к. системасы же суу жүргүч деп аталат. Азыркы системадагы камсыз кылуучу объектинин арналышына карата С. м. к. к. коммуналык ж-а өндүрүштүк (ө. ж-лык же а. ч-лык) болуп бөлүнөт. С. м. к. к. үчүн табигый суу булактары — ачык суулар (дарыя, суу сактагыч, көл, деңиз) ж-а жер астындагы суулар (кыртыш ж-а артезиан суулары, булактар) пайдаланылат. Калктуу жерлердеги С. м. к. к. системасына суу топтогуч курулма, суунu тазалагыч ж-а керектөөчүлөргө бергич түзүлүш, таза суунu сактагыч курулма (суу сактагыч ж-а резервуар), суу агызгыч, суу болуштургуч түйүн кирет.

СУУ МОТОР СПОРТУ — спорттун тех. түрү. Ага моторлуу кайык м-н өткөрүлүүчү туризм ж-а жарыш кирет. Моторлуу кайык спорттук, жарышуучу, аба толтурулма ж. б., ө. эле кыймылдаткычынын көлөмү ж-а кубаттуулугу б-ча бөлүнөт. Жарышуу старт ж-а мара бир жерде болгон айланма жолдо өткөрүлөт. Ал техниканы үйрөнүүгө, тажрыйбага ж. б. машыктырат. Россияда алгачкы моторлуу кайыктарды жарышуу 1904-ж. Петербургда өткөрүлгөн. СССРде 1925-ж. С. м. с-нун 1-секциясы уюшулуп, жеке биринчилик мелдеш 1938-ж., командалык 1952-ж. болгон. 1956-жылдан жыл сайын өткөрүлөт. С.м. с-на ДОСААФтын аскер-тех. спортунун бүткүл союздук федерациясынын уюму жетекчилик кылат. С. м. с-н уюштуруу, эрежелерин иштеп чыгуу, мелдештерди өткөрүү ж-а дүйн. рекорддорду каттоону С. м. с-нун эл аралык союзу тейлейт.

СУУ МУНАРАСЫ — суу м-н камсыз кылуу системасындагы атайын курулуш. Ал суу челеги м-н тиреөч конструкция-мамыдан турат. Бийикт. 25 *м*ден ашпайт, чанда 30 *м*. Челегинин сыймык. өндогон $м^3$ден миңдеген $м^3$ге жетет. Мунара суу жүргүзгүч тармагындагы суу өлчөмүн керектөөгө жараша жөнгө салып турат.

СУУ НУГУ — ороондун агын суу эзелеген болүгү. Ири дарыялардын нугунун жазылыгы бир нече *м*ден ондогон *км*ге жетет (мис., Обь, Лена ж-а Амазонканын агымынын төмөнкү болүгү). Суу өлчөмү улам чоңойгон сайын нуктун кецейиши терецдешине караганда жай болот. Түздүктөгү дарыялардын нугу ийри-буйру болуп, салааларга бөлүнүү м-н ылай, кум же шагылдуу катмарларды пайда кылат. Тоо дарыяларынын нугу көбүнчө түз болуп, босого, шаркыратма ж-а кой таштар көп кездешет.

СУУНУН ЖЕР ШАРЫНДАГЫ АЙЛАНЫШЫ — суунun атм-рада, гидросферада ж-а жер кыртышында тынымсыз орун которуштуруусу; күн радиациясы м-н оордук күчүнүн таасиринен пайда болот. Күн радиациясынын таасиринен Дүйн. океандан жылына 448 миң $км^3$, кургактыктан 71 миң $км^3$ суу буулanат. Океандан көтөрүлгөн буунun көбү конденсацияланып, жаан-чачын түрүндө кайра океанга түшөт, калганы аба агымы м-н ооп, кургактыкка жаан-чачын түрүндө жаан, жер астындагы ж-а агын сууларды пайда кылат да, көбү кайра Дүйн. океанга кошулат. Кургактыктан буулanган суу кайра кургактыкка жаан-чачын түрүндө түшсө, жерг. же материктик ички суу айлануусу деп аталат.

СУУНУН ШОРДУУЛУГУ — табигый суунun Ca^{2+} ж-а Mg^{2+} иондорунун болушу м-н мүнөздөлгөн касиети. С. ш. карбонаттуу (кальций ж-а магнийдин бикарбонаты бар) ж-а карбонатсыз (кальций м-н магнийдин сульфаты ж-а хлориддери бар) болуп бөлүнөт. Карбонаттуу шордуулук сууну көпкө кайнатканда жок болгондуктан убактылуу деп аталат. С. ш. *мг-экв/л* м-н белгиленет. С. ш. казандарда, жылыткыч приборлордо кебер пайда кылып, жылуулук алмашууну кыйындатат. Кир жууганда Ca^{2+} ону м-н чөкмө пайда кылган-

дыктан самын көп сарп кылынат. С. ш. жогору болсо, адамдын заара жолдоруна таш пайда болушуна себепчи.

СУУНУ ПАЙДАЛАНУУ (укукта) — мамлекеттин менчигиндеги сууларды (суу объектилерин) керектөө. Ал төмөнкүчө бөлүнөт: пайдалануу максатына карата (ичүүгө, чарба ишине, өндүрүштө, а. ч-да ж. б. пайдалануу); пайдалануу ыкмасына карата (сууда сүзүү үчүн, гидроэнергия булагы катары ж. б.); тех. шартка карата (гидротех. курулуштар ж-а каражаттар аркылуу же аларсыз С. п.), С. п. шартына, о. эле С. п. укугунун чыгышына карата. Ушул классификация б-ча ар кандай суу объектилеринин режими, кырдаалдар, укуктар ж-а милдеттер аныкталат. Сууну жалпы пайдалануу мамл. органдардын уруксатысыз эле (мис., сууга түшүү, мал сугаруу ж. б.), атайын пайдалануу мамл. органдын уруксаты б-ча жүргүзүлөт. Сууну таза сактоого, туура пайдалануугa катуу талап коюлат. С. п. тартибин бузгандар дисциплиналык, кылмыш же админ. жоопкерчиликке тартылат, к. *Кыргыз ССРинин суу кодекси.*

СУУНУ ТАЗАЛОО, к. *Булганч сууларды тазалоо.*

СУУ ООРУ — төө, жылкы, эшек ж-а иттин трипаносома пайда кылуучу мите кан оорусу. Ыландаткыч оору малдан соо малга негизинен когоон аркылуу жугат. Ылац О. Азия, Каз-нда кездешет. Көбүнчө өнөкөт, кээде катуу түрдө болот. Инкубация мезгили 1—3 жума. Дарттуу малдын денесинин темп-расы көтөрүлүп, көзү, жаагы, оозу, көкүрөгү шишийт. Өз убагында дарылабаса, мал өлүмгө учурайт. Дарылоо: наганин, антрицид ж. б.; профилактика: канкор чымын-чиркейди жок кылуу, соо малга наганин м-н антрицид куюу ж. б.

Лит.: Казанский Н. И., Су-ауру верблюдов и однокопытных, в кн.: «Паразитические простейшие Казахстана», т. 5, А.-А., 1951.

СУУ ӨЛЧӨГҮЧ — суунун чыгымын өлчөөчү прибор, к. *Чыгым өлчөгүч.*

СУУ ӨЛЧӨГҮЧ ПОСТ — дарыя, деңиз, көл ж-а каналдагы суунун деңгээлин системалуу өлчөө үчүн салынган курулуш. Рейкалуу С. ө. п. курулушка (көпүрө, плотина) тикеспнен бекитилген рейка м-н, сваялуу С. ө. п. жээкке тик кагылган түркүк м-н жабдылат. Эгер жээк барууга ыңгайсыз болсо (мис., жардуу, тик жээк) маалыматты алыстан алуучу деңгээл билдиргич С. ө. п. орнотулат. Деңгээлдин өзгөрүшүн үзгүлтүксүз өлчөө үчүн өзү жазуучу прибор коюлат. С. ө. п-то байкоо сутка сайын так белгиленген убакта жүргүзүлөт.

СУУ ӨСҮМДҮКТӨРҮ — өсүмдүктүн сууда өсүүчү түрү. Булар гидрофиттер (өсүмдүктүн түп жагын гана суу жайпап турса) ж-а гидатофиттерге (толугу м-н же көпчүлүк бөлүгү суу ичинде өссө) бөлүнөт. Сууда O_2 ж. б. газдар аз болгондуктан аларды С. ө. көлөмү аркылуу сиңирет. Суу астындагы жалбыректын үстөрү болбойт. Үстөр калкуучу жалбыректын үстүңкү бетинде, ал эми абада өсүүчү жалбыректын эки бетинде тең болот. Алардын мех. ткапы, тамыр системасы начар өөрчүгөн. Бардык С. ө.— көп жылдык чөптөр, вегетатив жолу м-н көбөйөт. Айрымдары сууда чандашат. СССР флорасында таралган 260тан ашуун гүлдүү С. ө-нүн көпчүлүгү — бир үлүштүүлөр. С. ө. м-н канаттуулар, суу омурткасыздары, балыктар ж. б. азыктанат. Кээде С. ө. суу сактагычтарда, каналдарда ото көбөйүп, чарбага зыян келтирсе, алар атайын аспаптар м-н чабылып, тоютка пайдаланылат.

СУУ ӨТКӨРБӨӨЧУ МАТЕРИАЛДАР — курулуш конструкцияларын, имараттарды ж-а курулмаларды суунун ж-а хим. бузуучу суюктуктардын *(жегичтер, кислоталар* ж. б.) зыяндуу таасиринен сактоочу материалдар. С. ө. м. арналышы б-ча чыпкалоочу, коррозияланбоочу ж-а герметикалык, ал эми негиз болгон материалдардын түрү б-ча *асфальт,* минерал, пластмасса ж-а металл болуп бөлүнөт. Асфальт С. ө. м. ысытуудан алынган минерал күкүмдүү, кумдуу, шагыл таштуу, нефть *битуму* ж. б. түрүндө; минерал С. ө. м. *цементтен,* топурактан ж. б. илээшкек минералдан жасалып, сырдоодо, шыбоодо ж. б.; пластмасса С. ө. м. сырдоодо, шыбоодо, чаптоодо ж. б.; металл С. ө. м. латунь, жез, коргошун, дат баспас болоттон калдыркан тунуке түрүндө жасалып, суу өткөрбөстүгү ото маанилүү бетте, жикте (мис., *резервуар, плотина)* колдонулат.

СУУ ӨТПӨС ТЕКТЕР — суу откөрбөгөн тыгыз тоо тектер. Аларга чопо, жаракалар м-н тилкеленбеген — магма тектери, тонуп калган тоо тектер кирет. С. ө. т. кыртыш сууларынын топтолушуна шарт түзүп, суу сактагычтарды, каналдарды курууда маанили чоң.

СУУР (Marmota) — кемирүүчүлөр уруусу. Уз. 65 *см,* куйругу 20 *см,* салм. 6—7 *кгга* жетет. Жер жүзүндө 15, СССРде 6, Кырг-нда 3 (мензбир, көк ж-а кызыл С.) түрү кездешет. Көп жерлер а. ч. үчүн өздөштүрүлгөндүктөн С. анчылыгы азаюуда. С-дун ийини 5—6 ооздуу болуп, уз. 8 *мге,* терең. 3 *мге* жетет. Күзгө жакын чөөнге кирип, 6—8 айча уктайт. 4—5 чөңдөлөй туулт. Чоп жейт. Териси баалуу.

СУУ РЕЖИМИ өсүмдүктөрдө — өсүмдүктөрдүн сууну пайдалануу тартиби. С. р. бири бирине байланыштуу 3 процесстен — суунун топурактан өсүмдүк тамырына өтүүсү, тамыр, сабак аркылуу жалбырак, осуу чекитине көтөрүлүүсү ж-а жалбырак аркылуу абага буулануусунан турат. Топуракта суу жетишпесе же ото өлө көп болсо, өсүмдүктүн С. р. бузулат. Ошондуктан туруктуу С. р-н түзүү үчүн белгилүү агротех. эрежелер колдонулат. Мис., какыр жерди сугаруу, саздуу, балчыктуу жерлерди кургатуу ж. б. Өсүмдүктөрдү туура С. р. м-н камсыз кылуу мол түшүм алууга оболго түзөт.

СУУ РЕСУРСТАРЫ — гидросферадагы пайдалануугa жарактуу бүткүл суу, б. а. дарыянын, көлдүн, каналдын, суу сактагычтын ж-а океандын суусу, жер астындагы суу, топурак нымы, мөңгү суусу, атм-радагы буу. Гидросферада бардыгы 1 454 327,2 миң $км^3$ суу бар: дүйн. океанда 1 370 000, жер астында 60 000, мөңгүлөрдө 24 000, көлдөрдө 230, топурак нымында 82, дарыяларда 1,2, атм-ра буусунда 14 миң $км^3$. Булардын 2% тузсуз суу. СССР С. р-нын көлөмү б-ча бай келип, бирок аянт бирдигине карата салыштырма запасы дүйн. көрсөткүчтөрдөн төмөн турат. Мурда суу запастары дүйнөдө мол деп эсептелсе, азыр Европа м-н Американын көп өлкөлөрүндө С. р. азаюуда. Дүйнөдө жылына 150 $км^3$ суу чыгымдалып, 450 $км^3$ таштанды (булганыч) суу дарыяларга, көлдөрго куят, аларды залалсыздандыруу үчүн 5500 $км^3$ суу талап кылынат.

Кырг-нда жылдык агым өлчөмү 50 $км^3$, суунун 10 $км^3$-н эл чарбасында (93,5% а. ч-да) пайдаланылат. Респ-канын сугат дыйканчылыгынын өнүгүшү анын С. р-н үнөмдүү пайдалануугa негизделет. Токтогул, Киров, Орто-Токой, Төрт-Күл, Папан, Чатбазар сыяктуу ондогон суу сактагыч курулуп, пайдалануугa берилди.

СУУ САКТАГЫЧ — эл чарбасында пайдалануу үчүн сууну толтуруу ж-а сактоо максатында суу өрөөнүнө курулган жасалма курулма, көлмө. С. с. сууну керектүү мезгилде арык, канал, ж. б. аркылуу белгилүү аймакка бөлүштүрүү үчүн курулуп, суу ресурстары ар кыл максатта пайдаланылат. Ал сууну күндүк, жумалык, сезондук (же жылдык) ж-а көп жылдык пайдалануугa ылайыктайт. Андагы суунун көлөмү, аянты, терендиги жыл мезгилине ж-а эл чарбасынын керектөөсүнө жараша өзгөрүп турат. С. с. аянты б-ча ондогон гадан бир нече $км^2$, көлөмү б-ча жүз миңдеген кубометрден жүздөгөн $км^3$ге жетет (к. таблица).


Дүйнөдөгү ири суу сактагычтар

Суу сактагыч	дарыясы	мамлекети	толук көлөмү, $км^3$	аянты, $км^2$
Братск	Ангара	СССР	169,3	5 470
Насер	Нил	ОАР, Судан	157,0	5 120
Маникуаган-5	Маникуаган	Канада	142,0	1 940
Красноярск	Енисей	СССР	73,3	2 000
Мид көлү	Колорадо	АКШ	36,7	631

СССРде 1000дей С. с. курулду: көбүнчө сугат дыйканчылыгы, кеме жүрүү, карагай агызуу, селден сактануу ж. б. максаттар үчүн пайдаланылат.

Кырг-нда Улуу Окт. рев-ясынан кийин гана Талас суусуна Киров (көлөмү 550 млн $м^3$), Чүй суусуна Орто-Токой (470,0 млн $м^3$), Исфара суусуна Төрт-Күл (90,0 млн $м^3$), Чили-Сай, Кыргыз-Ата суусуна Найман (39,5 млн $м^3$) сыяктуу ири С. с. курулуп, эл чарба тармактарын тейлөөдө. Көп сандаган С. с. АКШ, Индия, Бразилия, Испания, Мексика, Канада ж. б. өлкөлөрдө курулган. Тоолуу райондордо көп С. с. ГЭС плотиналарынан пайда болот. С. с. өз убагында тазаланып, дезинфекцияланат.

СУУ САМОЛӨТУ — сууга конуп ж-а андан учуп чыгууга ылайыкталып жасалган машина. С. с-нун аэродинамикалык ж-а конструкциялык түзүлүшү кургактагы самолёттордукундай эле. Бирок суу бетинде туруктуу калкуу, жүгүрүү, күүлөнүү, каалаган тарапка бурулуу ж. б. атайын талаптарды канааттандыргандай жасалууга тийиш. С. с. конструкциялык эки схема б-ча — учуучу кайык ж-а калкыгыч шассиси бар самолёт түрүндө курулат. Россияда калкыгыч типтеги биринчи С. с-н 1911-ж. Я. М. Гаккел түзгөн. Биринчи учуучу кайыктар (М-1, М-4, М-9) Россияда 1913—15-ж. Д. П. Григоровичтин жетекчилиги м-н түзүлгөн. СССРде С. с-нун бир топ типтери жаралды (к. сүрөт).



Ата мекендик М-4 суу самолёту.

СУУСАМЫР (суу ж-а түркчө самыр — кундуз, суу кундузу) — Ички Тянь-Шандагы суу, Суусамыр өрөөнүндө. Уз. 90 *км,* алабынын аянты 2410 $км^2$. Талас Ала-Тоосу м-н Суусамыр кырка тоосунун кошулушундагы Ала-Бел ашуусунан башталып, Суусамыр өрөөнү м-н чыгышты карай агат. Жээктери жайык, саздуу, айрым жерлеринде салааларга бөлүнүп, нугунун туурасы бир нече *кмге* жетет. Төмөнкү агымынын жээктери бадалдуу. Батыш Каркол м-н кошулуп, *Көкомерен* суусун пайда кылат. Негизги куймалары: Отмок, Корумду, Чарыя (сол), Батыш ж-а Чыгыш Арамза, Чоң-Үч-Эмчек (оң). Кар мөңгү ж-а булак сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 39,3 $м^3/сек.$ Жылдык орт. чыгымы, сентябрда тартылат. Апрелде кирип, сентябрда тартылат. Айрым куймалары сугатка пайдаланылат. Жээгинде Суусамыр кыш. жайгашкан.

СУУСАМЫР — Панфилов р-нундагы Суусамыр айыл советине карактуу кыштак. Колхоздор аралык машина мал чарба станциясынын аймагында. Суусамыр өрөөнүндө жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. станциясы Кайыңдыдан 123 *км* түш.-чыгыш тарапта. Калкы 2237 (1979). Орто мектеп, клуб, 2 китепкана, участкалык оорукана бар.

СУУСАМЫР КЫРКА ТООСУ *Ички Тянь-Шанда.* Суусамыр ж-а Кетмен-Төбө өрөөндөрүн бөлүп турат. Ала-Бел ашуусунан (батышта) Көкомерен капчыгайына чейин (чыгышта) кендик багытта 130 *км*ге созулуп жатат. Туурасы 45 *км.* Басымдуу бийик. 3400—3500 *м.* Эң бийик жери 4048 *м.* Чыгыш бөлүгү Сары-Камыш аталат. С. к.т-нун тескей тарабы кыска, айдоо түздүктүү, түш. канталы жазы, этеги бексө чаптуу, Нарын, Көкомерен тушта тик, зоокалуу. Канталдары суу өрөөндөрү м-н тилмелешип, айрымдары терең, куш капчыгайга айланган (Чычкан, Тоолук ж. б.). С. к. т-нун басымдуу бөлүгүн каледон бүктөлүүсүнүн ар кандай этабында жиреп чыккан интрузия (габбро, диорит, гранит ж. б.) тектери түзөт. Алар жүздөгөн $км^2$ аянтка таралган. С. к. т-нун айрым бөлүктөрү кембрийге чейинки, кембрий ж-а ордовик мезгилдеринин гнейс, кристаллдуу сланец, кумдук, аки таш тоо тектери, туф тектеринен турат. Тоо аралык ойдуңдарында ж-а суу өрөөндөрүндө антропоген мезгилинин чөкмөлөрү бар. С. к. т. ири тектоникалык жаракалар м-н тилмеленген. Мөңгүлөрдүн жалпы аянты 25 $км^2$ге жакын. Байырки мөңгүлөрдүн издери бар. Ландшафты бийиктик алкактуулук б-ча өзгөрөт. Түн. канталына бетегешыбактуу кургак талаа (2200 *м*ге чейин), талаа ж-а шалбаалуу талаа (2500—2600 *м*ге чейин), субальп (3200 *м*ге чейин), альп шалбаасы, (3200 *м*ден жогору), түштүгүнө жарым чөл (1200 *м*ге чейин), талаа, шалбаалуу талаа (1200—2200 *м*), 3000 *м*ге чейин



Кырка тоонун батыш бөлүгү.

бийик чөптүү шалбаа, андан жогору субальп ж-а альп шалбаасы, 3700—3800 *м*ден жогору гляциалдык-нивалдык зона мүнөздүү. Жайгат катары пайдаланылат.

СУУСАМЫР МАШИНА МАЛ ЧАРБА СТАНЦИЯСЫ — 1961-ж. машина-трактор станциясынын базасында түзүлгөн ири чарба. Суусамыр өрөөнүндө, деңиз деңг. 2200—2500 *м* би-

йикте. Станциянын негизги милдети — Чүй өрөөнү м-н Нарын, Ош облтарынын айрым чарбаларында малга тоют даярдоо ж-а Суусамыр өрөөнүндөгү малды зоовет., о. эле малчыларды үй тиричилик жактан тейлөө. Негизги чарбачылыгы — бийик тоолуу ж-а климаты катаал шартта тоют өсүмдүктөрүн өстүрүү. Станциянын карамагындагы 61,5 миң *га* жердин 31 миңи айдоо, 4,5 миңи чөп чабынды, калганы жайыт. Жылына орт. 22 миң *т* арпа, 17 миң *т* кесек тоют даярдалат. Станциянын аймагында Көкөмерен, Биринчи Май, 8-Март кыш. бар.

СУУСАМЫР ӨРӨӨНҮ Ички Тянь-Шанда, Кыргыз, Талас Ала-Тоолору м-н Суусамыр, Жумгал кырка тоолорунун аралыгында деңиз деңг. 2000—3000 *м* бийикте жайгашкан. Тегерегиндеги тоо кыркалар өрөөндүн таманынан 1000—2000 *м*ге чейин көтөрүлөт. Батыштан (Ала-Белден; 3200 *м* бийикте) чыгышка (Каракол ашуусуна чейин; 3452 *м*) 155 *км* аралыкка созулуп жатат. Аянты 4,3 миң *км*². Өтмөк, Суусамыр сууларынын чатынан Жоо-Жүрөк өрөөнүнүн оозуна (же Батыш Караколго Сокулук суусу куйган жерге) чейинки болгу кенен, жайык келип, 80—85 *км*ге созулат. Туурасы эң жазы жеринде — Төө-Ашуу м-н Суусамыр кырка тоосунун эң бийик чокусу (4048 *м*) туша (Уч-Эмчектин башы) 45 *км*. Өрөөн улам батышка барган сайын куушурулуп, таманы бийиктейт. С. о. рельефи б-ча үч бөлүккө ажырайт: 1) батыш бөлүгү — Дубан-Кечүү өрөөнү, 2) Борб. Суусамыр өрөөнү, 3) Батыш Каракол өрөөнү. Дубан-Кечүү өрөөнү Суусамырдын баш жагын ээлеп, Корумду м-н Айгыр-Жал тоолорунун бири бирине жакындап, өрөөндүн кууш тарткан жерине чейин созулат. Таманы түз, бир аз жантайыңкы; 2300—3000 *м* бийикте жатат. Капталдары тик, айрыкча Талас Ала-Тоосунун күнгөй беттери. Борб. Суусамыр өрөөнү жайык, сыртқы көрүнүшү жагынан үч бурчтукту элестетет. Үч бурчтуктун чыгыш капталы гана Жумгал тоосунун батыш урчугу — Киндик тоосу м-н ичин карай кабырылган. Суусамыр кырка тоосунун тескей капталдары бул тушта өтө жантайыңкы. Борб. бөлүктүн таманы майда адырлуу, дөңдүү тегиз эмес түздүк. Суу боюнда тектирлер да бар. С. о-нун бул бөлүгүнүн рельефи, топурагы, климаттык шарттары дыйканчылыкка ыңгайлуу. Батыш Каракол өрөөнү Суусамырдын чыгышында Кыргыз Ала-Тоосу м-н Кара-Мойнок, Жумгал, Киндик тоолорунун ортосунда жайгашкан. Башка бөлүктөрүнө караганда кууш келип, капталдары тик, таманы 2100—3000 *м* бийикте жатат. Чыгыш тарабында өрөөн өтө куушурулуп, эки айрык (Батыш Сөөк ж-а Караколдун төрү) болуп кетет. Киндик тоосунун түш. чыгышында 2000—3000 *м* бийикте



Өрөөндүн Батыш Каракол тарабы.

Жоо-Жүрөк өрөөнү түн.-чыгыштан түш.-батышка созулуп жатат. С. о-нүн геол. түзүлүшүндө кайнозой заманында пайда болгон кумдук, конгломерат, кызыл түстүү чопо, акиташ тектери бар. Өрөөндүн таманында ж-а тоо этектериндеги эңкейиш түздүктөрдө антропоген мезгилинин кумшагылы м-н чополору кеңири таралган. Негизги тектоникалык структурасы — синклиналдык түзүлүш. Курулуш материалдар кени бар.

С. о-нүн климаты кескин континенттик. Жайында абанын темп-расы 30°Сге чейин жетсе, кышында —30... —40°С, кээде —43... —45°Сге чейин төмөндөйт. Январдын орт. темп-расы —20...—21°С, июлдуку 13—14°С. Жайында түшкүсүн көбүнчө шүүдүрүм түшөт, үшүк чалган учурлар да болот. Жылдык жаан-чачыны 350—370 *мм* (кургакчыл жылдарда 255 *мм*, жаанчыл мезгилде 500 *мм*ге жетет). Жылдык жаан-чачындын 63% март—июлга туура келет. Кышы узак (5—6 ай), кар калың түшөт (1 *м*ге чейин). Негизинен батыш, түн.-батыш тараптан соккон шамал үстөмдүк кылат. Негизги суулары — *Суусамыр* м-н Батыш Каракол (к. *Каракол*) кошулуп, *Көкөмеренди* түзөт. Суусамырдын ири куймалары: Өтмөк, Корумду, Чарыя (сол), Батыш ж-а Чыгыш Арамза, Чоң-Үч-Эмчек (оң); Батыш Караколдуку—Туюк-Ала-Арча, Сөөк, Ашуу-Ала-Арча, Шили-Суу, Сокулук, Чаар-Таш ж. б. Чоң-Корумду, Балыкты, Токойлуу, Чыгыш Арамсуу, Үч-Эмчек, Шили-Суу ж. б. өрөөндүн баш жактарында майда көлдөр бар.

Рельефке, бийиктикке ж-а климаттык шарттарга жараша С. о-нүн төмөнкү ландшафт алкактары алмашат. 1) Бетеге-шыбактуу кургак талаа (2000—2200 *м* бийикте). Суусамыр суусунун өйүз-бүйүзүндөгү түз жерлерди, тоо этектерин ээлейт. Бозомтук күрөң ж-а күрөң топурактуу. Топурак бетинин 50—70%ин өсүмдүктөр кантап, калганы ачык — такыр. 2) Бетеге-кылкандуу талаа ж-а түркүн чөп (шимүүр, каз таман, жергомуш) — бетегелүү ж. б. дан өсүмдүктүү шалбаалуу талаа (2500—2600 *м*). Топурагы күңүрт күрөң же көкүр түстө, чымдуу. 3) Дан өсүмдүктүү (ат конок, түлкү куйрук, тоо сулусу ж. б.) — түркүн чөп басымдуулук кылган субальп шалбаасы (3000—3100 *м*ге чейин). Топурагы шалбаалуу кара ж-а караңгын түстө. 4) Бетеге — тулаңдуу өлөң ж-а түркүн чөптүү альп шалбаасы (3500—3700 *м*). Топурагы жука тоо шалбаалуу ж-а шалбаа-талаалуу, таштак, гумуска бай. 5) Гляциалдык-нивалдык алкак (3500—3700 *м*ден жогору) — таш шагылдуу беттер, аскалуу жондор, корум таштар, мөңгүлөр, эрибей жаткан көп жылдык карлар, аркайган бийик чокулар. Өрөөндүн таманында, айрыкча Суусамыр, Батыш Караколдун төмөнкү агымдарын бойлой бадалдуу токой (тал, терек, кайың) өсөт. Жаныбарлары: суур, коён, түлкү, тоо эчки, элик, кашкулак, карышкыр, илбирс ж. б. Канаттуулардан торгой, чакчыгай, кекилик, кыргоол, таан, карга, кузгун, таз жорулар кезигет. Сууларда суу чулдук, каз, өрдөк; балыктардан кабырчыктуу суусамыр алабугасы, сазан, тибет ит чабагы бар.

С. о. негизинен жайкы жайыт катарында пайдаланылат. Чүй, Талас, Кетмен-Төбө өрөөндөрүндөгү чарбалардын, Каз-ндын Луговой, Мерке р-ндорунун малы жайлайт. Кышында Калинин, Панфилов, Москва, Сокулук р-ндорунун малы кыштайт. Малга жетишерлик тоют даярдоо үчүн Суусамыр машина мал чарба станциясы уюшулган. Мал чарба станциясы 13 500 *га* жерге дан эгиндерин (арпа, сулу) ж-а тоют өсүмдүктөрүн айдайт. С. о. аркылуу Фрунзе — Ош, Кара-Балта — Миң-Куш автомобиль жолу өтөт. Өрөөндө 8-Март, Тунук, Үлгү, «1-Май», Суусамыр кыш. жайгашкан.

Ад.: Джунушбаев А., Почвы Суусамыра, Фр., 1958; Бассейн реки Нарын, Фр., 1960; Орозалиев С., Суусамыр, Фр., 1961; Орозалиев С., Жумалиев С., Түндүк Кыргызстандын жайыттарынын өзгөчөлүктөрү, Фр., 1969.

СУУСАМЫР ТИБИНДЕГИ ОЙДУҢДАР — тектоникалык жаракалар м-н чектелген, палеозой фундаменти анчалык терең чөкпөгөн симметриялуу түзүлүштөрдөгү ойдуңдар. Терминди

1964-ж. геолог И. Садыбакасов киргизип, Суусамыр ж-а Соңкөл өрөөндөрүнөн аныктаган. С. т. о. башка ойдуңдардан кайнозой мезгилинде пайда болгон тоо тектердин тектоникалык өзгөрүүлөрүнө аз учурашы, ойдуңдун таманы чет-жакаларындагы ойдундарга караганда (Жумгал, Кочкор, Нарын) деңиз деңг. салыштырмалуу бийик (3000 *м*) жатышы, курчап жаткан тоолордун сыртын карай ийилип-жылышы м-н айырмаланат. Ойдуң негизинен мезозой ж-а кайнозой заманынын тоо тектеринен түзүлүп, көбүнчө горизонталь багытында жайгашкан. Ал эми Миң-Куш — Көкөмерен тибиндеги ойдуңдарда бул тектер ургаалдуу бүктөлүшкө учураган. Кырг-нда Соңкөл ж. б. өрөөндөрдө бар.

СУУСАР СЫМАЛДАР (Mustelidae) — жырткыч сүт эмүүчүлөр тукуму. Түрдүү чоңдукта. Жүнү жыш, үлпүлдөк, ичке тыбыттуу. Көпчүлүгүнүн денеси созулуу, куйругу үлпүлдөк, манжалары тери жаргакча аркылуу кошулган. Жер жүзүндө кеңири (Австралия, Антарктида ж-а Мадагаскар а-нан башка) таралган 29 (же 30) түрү белгилүү. СССРде 8 уруугa кирген 16 түрү бар. Кырг-нда С. с-дан *арыс чычкан, күзөн, кундуз* ж. б. жашайт. С. с-дын териси баалуу.

СУУСУЗДАНУУ (организмдеги), дегидратация — организмдеги суунун физиол. нормадан төмөндөшү ж-а жоголушу. Жаныбарлар денесиндеги суунун 10%ин жоготсо, ооруга чалдыгат, 25% кетсе өлөт. С. организм суунu көп жоготкондо (кусуу, ич өтүү, күйүк ж. б.), суу жетишпегендө болот. Суусызданганда организм суу м-н кошо электролиттерди да жоготот. С-да киши аябай суусап, тамак сиңирүүчү бездердин функциясы начарлайт, кан коюуланат, кан айлануу ж-а бөйрөктүн иши бузулат. Күчтүү С. психикалык өзгөрүүлөргө келеңиска, кээде өлүмгө учуратат. Чоң кишиге караганда жаш балдарда С. тез болот. Дарылоодо С-нун себебин жоюу зарыл.

СУУСУЗ ТИТРЛӨӨ — сан анализинин көлөмдүк ыкмаларынын (методдорунун) бири. Бул ыкмада титрлөө суусуз чөйрөдө (орг. эмес ж-а орг. бирикмелердин суусуз эритикчтердеги эритмеси) жүргүзүлөт. С. т. ыкмасы б-ча сууда эрибеген бирикмелерди, суулуу эритмеде титрлөөго мүмкүн болбогон начар кислоталарды, диссоциация константтары жакын болгон *электролиттердин* аралашмаларын дифференциалдуу титрлөөго болот. Татаал аралашманы титрлөөдө аныкталуучу компонентти алдын ала бөлүп алуу талап кылынбайт. С. т. суулуу эритмени титрлөөдөй эле жүргүзүлүп, нейтралдоо, оксидиметрлик, тундуруу ж-а комплексонометрлик ыкмалар пайдаланылат.

СУУТЕК, водород (лат. Hydrogenium), H — Менделеевдин мезгилдик системасынын 1-тобундагы хим. элемент; ат. н. 1, ат. м. 1,00797. Кадимки шартта С.— жытсыз, түссүз, даамсыз газ. С-ти 1766-ж. 1-жолу англ. илимпоз Г. Кавендиш изилдеген. Табиятта эң көп таралган элемент. Жер кыртышында массасы б-ча 1%, атомдук саны б-ча 16%. Ал Жерде эң көп таралган, тирүү организмдер, нефть, көмүр, газ. ж. б-лардын составына кирет. Плазма түрүндө Күн массасынын жарымына жакынын ж-а далай жылдыздардын, жылдыздар арасындагы чөйрөнүн составын түзөт. Эркин абалда эң сейрек кездешет. Табиятта туруктуу 2 изотоптун аралашмасынан турат: жеңил С. же протий (¹H) ж-а оор С. же *дейтерий* (²H же D). Жасалма жол м-н радиоактивдүү, өтө оор С. же тритий (³H же T) ж-а өтө туруксуз ⁴H изотобу алынган.

С.— эң жеңил элемент (абадан 14,4 эсе жеңил), тыгыз. 0,899 *г/л* (0°С ж-а 1 *ат*), кайноо (суюлуу) t — 252,6°С, эрүү (тоңуу) t — 259,1°С. Жылуулукту бардык газдардан жакшы өткөрөт. Сууда начар, айрым металлдарда (Ni, Pt, Pd ж. б.) жакшы эрийт. Бирок металлдар м-н кошулганда С-тин нону галогендерге окшоп терс заряддуу болот (кычкылдануу даражасы — 1). Атомдук С. мол. С-ке караганда хим. жактан активдүү. Кычкылтек м-н сууну пайда кылат (кадимки темп-рада реакция жай, 550°Сден жогору жарылуу м-н өтөт). Галогендер м-н гидриддерди, көмүртек м-н ар кандай орг. бирикмелерди пайда кылат. Химияда С. ж-а аны бирикмелеринин мааниси өтө чоң. С-ти өндүрүштө алуунун негизги сырьёлору — күйүүчү табигый газдар, кокс, нефть газдары ж. б. С. сууну электролиздөө, көмүрдү газга айландыруу, метанды суу буусу м-н кошуу ж. б. жолдор м-н алынат. Хим. о. ж-нда метил спиртин, өзгөчө аммиакты алууда, нефть продуктуларын тазалоодо, металлдарды иштетүүдө, атомдук энергетикада ж. б-да колдонулат.

Ад.: Лебедев В. В., Водород, его получение и использование, М., 1958.

СУУТЕК БАЙЛАНЫШЫ — бир же ар башка молекуланын атомдору суутек атому аркылуу хим. бириккиши. Бул байланыш башкалардан суутектин жалгыз электрону болгондугу м-н айырмаланат. Электронун жоготкон суутек атому — протон хим. реакцияга өз алдынча жөндөмдүү. С. б. негизинен жеңил атомдор (мис., кычкылтек, азот, фтор ж. б.) арасында, о. эле көп сандаган орг. бирикмелерде (спирттер, карбон к-талары, феноддор ж. б.) болот. Ал молекуланын физ. касиетине чоң таасир тийгизет. Мис., С. б. болбогондо суунун тоңуу ж-а кайноо темп-расы (0°С ж-а 100°С) алда канча төмөн болмок.

СУУТЕК КӨРСӨТКҮЧҮ, pH — эритмедеги суутек ионунун концентрациясын (активдүүлүгүн) мүнөздөөчү чоңдук. Ал суутек ионунун концентрациясынын (*г — ион/л*деги) ондук терс логарифмасына барабар: pH = = —lgC_{H^+}. С. к. кадимки темп-рада (22°С) эритмелерди pH = 7 нейтралдуу, pH > 7 жегичтүү, pH < 7 кислоталуу чөйрөлөргө бөлүүгө мүмкүндүк берет. Чөйрөнүн кислоталуулугу ж-а жегичтүүлүгү pH = 7 ден алыстаган сайын көбөйөт. Анын негизинде реакция жүрүү шартын тандап алуу же алдын ала айтууга болот. pH хим. (индикаторлук), потенциометрия ж. б. методдор м-н аныкталат. С. к-н так аныктоо хим. ж-а биохим. изилдөөлөрдө, о. эле көптөгөн ө. ж. процесстеринде, топурактын каснетин баалоодо ж-а түшүмдүүлүктү жогорулатуу чараларын көрүүдө маанисин чоң.

СУУТЕК ӨТӨ КЫЧКЫЛЫ, H_2O_2 — суутектин кычкылтек м-н бирикмеси; жытсыз, түссүз суюктук. Эрүү t — 0,43°С, кайноо t 150,2°С, тыгыз. 1,47 *г/см*³. Суу м-н жакшы аралашат, туздарды эритет. Таза С. ө. к. туруктуу, бирок катализатордун катышуусу м-н сууга ж-а кычкылтекке ажырайт. Ал шартка жараша кычкылдандыкч же калыбына келтиргич касиетке ээ. Лабор-яда металл өтө кычкылына — BaO_2, Na_2O_2 суюлтулган кислоталарды таасир этүүдөн (төмөнкү темп-рада), о. ж-да H_2SO_4 түү электролиздөөдөн пайда болгон $H_2S_2O_8$ди гидролиздөө м-н алынат. 30%түү эритмеси пергидроль деп аталат. Хим. өндүрүштө кычкылданткыч, өтө кычкылдарды алууда сырьё катары, жибек, жүн ж. б-ны агартуу үчүн ж-а медицинада колдонулат.

СУУТЕК ЭЛЕКТРОДУ — потенциалы (чыңалуусу) кайталанма реакция $H_2 \rightleftarrows 2H^+ + 2e$ м-н аныкталуучу электрод. Электрод катары суутек ону бар кислота эритмесине чөгөрүлгөн, платина чаңы м-н капталган платина пластинкасы же зымы колдонулат. Электродго тынымсыз суутектин агымы жиберилет. Платинага адсорбцияланган суутек ж-а эритмедеги суутек ионунун ортосунда тең салмактык пайда болот. 1 *ат* басымдагы, берилген туруктуу темп-радагы ж-а суутек иондорунун концентрациясы 1 *г-ион/л* болгон эритмедеги С. э-нун потенциалы нөлгө барабар деп шарттуу кабыл алынган. Ал эми калган электроддордун электроддук потенциалдары ошол стандарттык (суутектин) потенциалга карата салыштырмалуу аныкталат.

СУУ ТЕХНИКАЛЫК КУРУЛМАЛАР — суу байлыктарын (дарыя, көл, деңиз, жер астындагы суу) пайдаланууга же суунун стихиялык (кырсыктуу) кыйратуучу аракетине тоскоол инженердик курулмалар. С. т. к. деңизде, дарыяда, көлдө ж-а жасалма көлмөдө, о. эле жер үстүндө же жер астында тургузулат. Анын тармактары: суу энергетикалык, мелиорация, суу транспорту, карагай агызуу, балык чарбачылыгы, калктыу суу м-н камсыз кылуу, шаарды корк-

тондүрүү, спорт максаты үчүн ж. б. Ал жалпы ж-а атайын болуп айырмаланат. Жалпы С. т. к. сууну пайдалануунун дээрлик бардык тармактары үчүн колдонулат. Атайын С. т. к. суу чарбасынын кандайдыр бир тармагы үчүн курулат. Жалпы С. т. к-га суу толтургуч — суунун басымын түзүүчү (плотина, дамба ж. б.), суу өткөргүч — берилген пункттарга суу жиберүүчү (канал, суу тех. туннель ж. б.), жөндөөчү С. т. к.— нуктарды, жээктерди суу жуун, жеп кетүүдөн ж-а муздун таасиринен сактоочу (убактылуу бөгөт, байламта, тосмо жал, траверс ж. б.), суу топтогуч — суунун негизги булактарынан суу алып, аны суу жүргүчтөргө багыттоочу курулмалар; атайын С. т. к-га суу транспорту үчүн (кеме жүрүүчү шлюздар, карагай агызуу ж. б.), суу энергетикалык *(суу электр станциясынын* имараты, сууну атылтып чыгаруучу бассейн ж. б.), суу чарба (сугат, саздарды кургатуу, шлюздөндөгүч, коллектор ж. б.), *суу менен камсыз кылуу* ж-а *каналдзация* (каптаж, насос станциясы ж. б.), балык чарба (балык өтүүчү жолдор, балыктуу колмолор ж. б.) курулмалары ж. б. кирет. Айрым учурда жалпы ж-а атайын курулмалар бир комплексте бириктирилет же ар түрдүү иштн аткарууга ылайыкташтырылат. Мис., сууну бийиктен түшүрүү ж-а суу электр станциясынын имараты.

Ад. к. *Суу техникасы* макаласынан.

СУУ ТЕХНИКАЛЫК ТОСМО — суу тех. курулмаларды куруу мезгилинде же аны куруу үчүн казылган чоң чуңкурларды суу каптап кетүүдөн сактоочу тосмо. Ал убактылуу курулган *плотинаны* элестетет. Тосмо топурактан, таштан, жыгачтан, кээде *бетондон* ж-а металлдан жасалат.


СУУ ТЕХНИКАСЫ — илим м-н техниканын суу байлыктарын изилдөө, аларды түрдүү максаттарда пайдалануу ж-а инженердик курулуштардын жардамы м-н суунун зыянduу аракеттерине каршы күрөшүү иштерин аткаруучу тармагы. С. т-на суу энергиясын пайдалануу, сууда кеме жүрүүнү ж-а сал агызууну камсыз кылуу, а. ч. аянттарын сугаруу, суу жеткирүү ж-а кургатуу; калкты, транспорт ж-а ө. ж. ишканаларын суу м-н жабдуу; өнөр жайлуу аймактардагы ашыкча, агып чыкма ж-а булганч сууну башка жакка агызуу; балык чарбаларына зарыл шарттарды түзүү; калк пункттарын, ө. ж. объектилерин, транспорт, байланыш линияларын суу кырсыктарынан сактоо иштери кирет. Коп учурда сууну пайдалануу комплекстик мүнөздө болуп, бир эле мезгилде бир нече суу чарба маселелерин чечүүгө туура келет. Илим катары С. т-нын эң маанилүү маселелери: суу агымынын нукка ж-а курулмага жасаган аракет таасирин, жээктегилерди андан сактоо ыкмасын, суу агымын жонго салуу методдорун иштеп чыгуу, курулма ж-а анын тамаңы м-н агып өткөн суунун сапынын изилдеп үйрөнүү; суу тех. курулманын ж-а анын негизинин туруктуулук, суу тех. конструкциянын бекемдик ж-а ишенимдүүлүк, курулмаларды тургузуудагы материалдардын узакка чыдамдуулук теориясын иштеп чыгуу. Теориялык изилдөөдөн тышкары С. т-нын маселелери экспериментте (лабор-яда модель түзүү, табигый изилдөө м-н) чечилет.

С. т.— илимдин ж-а техниканын эң байыркы тармактарынын бири. Б. з. ч. 4400 жыл мурда Египеттеги Нил д-ныи өрөөнүндө жер сугаруу үчүн каналдар курулган, байыркы Хорезмде (б. з. ч. 8—6-к.) суу тех. курулмалар белгилүү болгон. Россияда С. т. 17—18-к-да өнүккөн, бул мезгилде Уралда, Алтайда ж. б. жерлерде 200дөн ашуун заводдук плотина ж-а суу установкалары түзүлгөн. СССРде сууну пайдалануу үзгүлтүксүз өсүүдө. СССРдеги С. т-нын өнүгүш перспективалары өлкөнүн бардык ГЭСтеринде электр энергиясын иштеп чыгууну улам көбөйтүүгө байланышкан. Сибирдин, О. Азиянын, Ы. Чыгыштын дарыяларын мындан ары өздөштүрүү каралган. Сугаруу, суу жеткирүү, кургатуу иштери улам кулач жайт.


Ад.: Берг В. А., Основы гидротехники, Л., 1963; Гришин М. М., Гидротехнические сооружения, М., 1968; Волков И. М., Кононенко П. Ф., Федичкин И. К., Гидротехнические сооружения, М., 1968.

СУУ ТОПТОГУЧ МУНАРА ЖАНА РЕЗЕРВУАР — суу түтүктөрүндө суу топтоону ж-а чыгымдоону жөндөөчү, суу запастоочу ж-а насос станцияларынын иштөө графигин төндөөчү суу м-н камсыз кылуу системасындагы курулма. Суу топтогуч мунара цилиндр формасындагы суу топтогуч бактан *(резервуар)* ж-а таяныч конструкциядан (ствол) турат. Суу аз керектелгенде насос станциясынан берилген ашык суу мунарага толтурулат. Коп керектелгенде ал суу азаадан чыгымдалат. Мунаранын бийикт. 25—30 *м*; бактын сыйымд. бир канча миң $м^3$ге чейин. Таяныч конструкция негизинен *болоттон, темирбетондон*, кээде кыштан, ал эми бак темир бетондон ж-а болоттон жасалат. Мунара суу берүүчү ж-а суу агызуучу түтүктөр, бактын толуп кетишинен алдын ала сактоочу куйгуч түзүлүштөр м-н жабдылат. Суу топтогуч резервуардын суу топтогуч мунарадан айырмасы, анда таяныч конструкция болбойт, бирок бийик жайга орнотулат. Ал кээде орт ж-а авария учурунда керектелүүчү сууну топтоо үчүн да колдонулат.

СУУ ТУРБИНАСЫ, гидравликалык турбина — суунун мех. энергиясын валдын айлануу энергиясына өзгөртүүчү ротациялык кыймылдаткыч. С. т. иштөө принциби б-ча — активдүү ж-а реактивдүү, жумуш аткаргыч дөңгөлөктүн валынын жайгашуусу б-ча вертикаль ж-а горизонталь болуп бөлүнөт. С. т-нын негизги жумуш аткаргыч органы — энергияны өзгөртүүчү жумушчу дөңгөлөк. Суу активдүү турбинанын дөңгөлөгүнө чорго (сопло) аркылуу, реактивдүү турбиналарда спиралдык камера



Активдүү суу турбинасынын схемасы: *а* — жумуш аткаргыч дөңгөлөк; *б* — сопло.



Реактивдүү суу турбинасынын схемасы: *а* — жумуш аткаргыч дөңгөлөк; *б* — багыттагыч аппарат.

ж-а сордуруучу түтүк болбойт. Алардын кубаттуулугу чорго аркылуу өзгөртүлөт. СССРде эң чоң кубаттуулуктагы турбина Красноярск (508 *Мвт*), Саян-Шушь (650 *Мвт*), Токтогул (300 *Мвт*) ж. б. ГЭСтерде пайдаланылат.

СУУ ТҮТҮКТҮҮ КАЗАН — ысытылма бети кичине (25—100 *мм*) диаметрлүү болот түтүк түрүндө болуп, ичинде буу ж-а суу-буу аралашмасы алынуучу буу казаны. Ал горизонталь ж-а вертикаль суу түтүктүү казан болуп айырмаланат. С. т. к.— буу казандардын эң коп тараган түрү. С. т. к-да буу казандын очогуна суу жүрүүчү түтүктөр орнотулган. Азыркы ө. ж-да эң коп тараган буу казандардын конүүлүгү С. т. к. принцибинде иштейт.


СУУ ЧАРБАСЫ — эл чарбанын суу ресурстарын изилдөө, эсептөө, коргоо, комплекстүү пайдалануунуу пландаштыруу ж-а керектүү жерге жеткирүү иштерин жүргүзүүчү тармагы. С. ч-нын негизги максаты — эл чарбасынын бардык тармагын керектүү өлчөмдөгү ж-а тийиштүү сапаттагы суу м-н камсыз кылуу. Сууну пайдалануу мүнөзү б-ча эл чарбасы суу керектөөчүлөр (ө. жай, а. ч., коммуналык чарбалар) ж-а суу пайдалануучулар (гидроэнергетика, суу транспорту, балык чарбасы ж. б.) болуп айырмаланат. СССРдин суу ресурстары эл чарбасынын бардык тармактарын суу м-н камсыз кылат. Өлкөдө жылына 4714 $км^3$ суу агып чыгат, эл чарбасында 226 млрд $м^3$ (1965) суу пайдаланылат. Анын 50%тен арбыны а. ч-га чыгымдалат. Эл чарбасынын талабын канааттандыруу максатында айрым райондордо ж-а жыл мезгилинин шартына ылайык ири ж-а кичине сууларды жөндөө иштери жүргүзүлүүдө. Мис., Чоң Кара-Кум каналы аркылуу Аму-Дарыянын суусу Мургаб ж-а Тежен бассейндерине, Иртыш—Караганды каналынын өндүрүшкө киргизилиши м-н Түн. Муз океанына куйчу суу Каз-ндын кургакчыл райондоруна берилүүдө.

Кырг-нда Улуу Окт. рев-ясынан кийин гана сугат дыйканчылыгы дүркүрөп өстү. Респ-када Чоң Чүй, Отуз-Адыр, Чоң Нарын, Найман каналдары ж-а Киров, Орто-Токой, Төрт-Күл, Базар-Коргон сыяктуу суу сактагычтар курулуп, эл чарба тармактарын суу м-н камсыз кылууда. Респ-када агын суунун 93,5%тен көбү а. ч-на (1976) жумшалат. 1965-ж. түзүлгөн союздук-респ-калык Кыргыз ССР мелиорация ж-а суу чарба мин-восу суу чарба курулуштарын уюштуруу ж-а гидротех. курулмалар м-н системаларды пайдалануу, о. эле өлкөнүн суу ресурстарын комплекстүү пайдалануу камсыз кылуу ж-а коргоо маселелерин уюштурат. С. ч-ын жерг. органдары респ-калык мин-вого ж-а союздук респ-калардын Мин. Советине баш нет. Суу ресурстарын каттоо ж-а алар ж-дөгү бүткүл маалымат суу кадастрында көрсөтүлөт.

Ад.: Львович М. И., Водные ресурсы будущего, М., 1969; Осмонов С., Өзгөрүлгөн жер, «Кыргызстан айыл чарбасы»; № 6, 1977.

СУУ ЧЕЧЕК — *жугуштуу ооруулардын* бири. Көбүнчө 10 жашка чейинки балдар ооруйт. Ооруну вирус козгойт. Ал жотолгондо, сүйлөгөндө, чүчкүргөндө жугат. С. ч-тин *инкубация мезгили* 11—21 сутка. Анда эт ысыйт, терinin ар кайсы жеринде (бет, кол, бут) кызыл так пайда болуп, алар ыйлаакчаларга айланып, кийин жарылып, карттанат. Ыйлаакчалар улам кайталап чыга берет. Дени сак балдар оорулуу балдар м-н кезигип калса, 21 сутка *карантинде* болот. Дарылоодо тошокко жаткыруу, жарылган ыйлаакчаларга марганец кычкыл калийинин же бриллиант жашылынын эритмесин сыйпоо керек.

СУУЧУЛДАР ТЕХНИКАСЫ — суу астындагы иштерди аткарууда колдонулуучу шайман ж-а жабдуу. Суучулдар шайманы адамдын суу астында иштөөсүн камсыз кылуу м-н дем алууга жарактуу газ аралашмалары м-н жабдуу б-ча автономиялуу ж-а автономиялуу эмес, газ аралашмасынын составы б-ча абалуу, кычкылтектүү, гелий-кычкылтектүү ж. б. болуп бөлүнөт. Суучул скафандр м-н камсыз кылынат. Суучулдар жабдуусу суучулдун суу астына түшүүсүн ж-а иштөөсүн, суу үстүнө



Суу тереңинде колдонмо гелий-суутек жабдуусу (солдо): *1* — шлем; *2* —аварияда колдонмо аба аралашмалуу алдынкы жүк; *3* — койнок; *4* — галош; *5* — арткы жүк; Аба-баллон аппараттуу суучулдар жабдуусу (ондо): *1* — куртка; *2* — дем алгыч аппарат; *3* — жүк куру; *4*—бычак; *5* — сүзгүч калакча (ласт); *6* — сигналдоонун үчү.

көтөрүлүүсүн камсыз кылат. Суучулдар жабдуусуна: суу компрессору ж-а суу насосу, суучулга газ алмашмасын берүүчү установка, түшүү-көтөрүлүү түзүлүшү, сигналдоо, байланыш ж-а жарык кылуу каражаттары, суу локатору, суучулдар аспабы ж. б. кирет.

СУУЧУЛ КАРАЛАР (Cinclus) — куштардын таранчылар түркүмүндөгү уруусу. Буту күчтүү, калың жүндүү чымчыктар. Уя. 17—20 *см*, салм. 50—80 *гга* жетет. Кулак ж-а мурун тешигинин тери жапкычтары болгондуктан сууда чумкуп, сүзүп ж-а суунун түбү м-н басып жүрүүгө жөндөмдүү. Евразияның, Түн. Америкалын ж-а Түн.-Батыш Африканын тоолуу жерлериндеги шар аккан суулардын жээгинде 5 түрү таралган. Кырг-нда 2 түрү — ак боор С. к. ж-а суучул кара кездешет. Ак боор С. к. жону күрөң, боору ак, ал эми суучул караның түсү кара күрөң келип,



Суучул каралар: ак боор суучул кара (1— чоңу, 2— жашы).

саргыч темгилдери бар. Эки түрү тең шар аккан тоо сууларынын жээгиндеги жашайт. Уялары суунун жээгиндеги таш алдына, зоокалардын жаракаларына салат. 3—7 ак жумуртка туун, 16—17 күн басат. Сууда жашоочу майда курт-кумурскалардын личинкалары ж. б. м-н азыктанат.


СУУ ЧЫГЫМЫ — убакыт бирдиги ичинде агымдын туурасынан кесилишинде агымдын туурасынан кесилиши аркылуу агып өткөн суунун көлөмү ($м^3$/*сек*); суу ресурсунун ж-а дарыя режимининн эң маанилүү мүнөздөмөсү. С. ч-н өлчөө ж-дө к. *Гидрометрия*.

СУУ ЧЫЧКАНДАР (Neomys) — сүт эмүүчүлөрдүн курт-кумурска жечүлөр түркүмүндөгү уруусу. Дене уз. 65—95 *мм*, куйругу 45—75 *мм*. Жону кара, жалтырак, боору агыш. Куртакта ж-а сууда жашоого ыңгайланган. С. ч-дын 2 түрү — кадимки С. ч. ж-а кидик С. ч. Европа, Кавказ ж-а Закавказье, Сибирь, Кази-дин түн. бөлүгүндө ж-а Тянь-Шанда таралган. Сууга чукул саз, көл ж-а агын суулардын жээгиндеги калың өсүмдүк арасында жашайт. Жылына 2—3 жолу 3—8 мөндөлөй туулт. Майда омурткасыздар, бака, майда балык м-н тамактанат.

СУУ ЫСЫТКЫЧ — ысык суу, буу, газ, электр тогу м-н суу ысытып жылуулук бергич аппарат. Ал үйлөрдү жылытууда, буу казанын ысытууда ж. б-да керектелет. С. ы-тын түрү көп; кеңири таралганы — сууну сыртқы бети аркылуу ысытуучу металл түтүктөр. Түтүктөрдүн ичиндеги жылуулук булагы — буу, ысык суу, газ же электр спиралы.

СУУ ЭЛЕКТР СТАНЦИЯСЫ, гидроэлектр станция (ГЭС) — суу агымынын кубатын электр энергиясына айландыруучу курулмалар м-н жабдуулар комплекси. С. э. с. суу топтоочу, берилген чекитте суу агымынын мех. энергиясын түзүүчү суу тех. курулмалардан ж-а суу агымынын кубатын айлануунун мех. энергиясына (к. *Суу турбинасы*), андан электр энергиясына айландыра турган (к. *Гидрогенератор*) энергетикалык жабдуулардан турат. С. э. с-ның кубаттуулугу (*P*, *Мвт*) суу агымынын жог. ж-а төмөнкү суу деңгээлдеринин айырмасына (*H*, *м*) ж-а агып түшүүчү суунун көлөмүнө (*Q*, $м^3$/*сек*) түз пропорциялаш: $P=HQ$. Суу деңгээлинин айырмасы *плотинанын* бийиктиги м-н аныкталат (к. сүрөт). Плотинанын жог. жагындагы суунун бийиктиги жог. бьеф, ылдый жагындагысы ылдыйкы бьеф деп аталат. Жог. бьефке суу толтурулат да, ал электр энергиясын иштеп чыгуу үчүн пайдаланылат. Түз жердеги дарыяда курулган С. э. с-нда плотина, станциянын имараты, суу агызуучу, кеме өткөрүүчү шлюз ж. б. курулмалар болот. Тоо суусундагы станцияда шлюз ж-а балык өткөрүүчү курулмалар болбойт. Плотиналар бетондон, топурактан же таштан салынат. Суу деңгээли аз болсо (20—30 *м*), станция имараты плотина м-н чогуу курулуп, суу деңгээли бийик болсо, плотинадан төмөн салынат. Суу плотинаның өзүнөн (1) же анын үстүнөн өтүүчү суу жүргүзгүч түтүк (2) аркылуу суу турбинасына (4) барып, андан сордуруучу түтүк (7) м-н ылдыйкы бьефке келет. Керек учурда суу ватворго (9) бекитилип, ал кран (8) м-н ыймылга келтирилет. Турбинаның тик валы гидрогенератор (5) м-н байланышкан. Генератордо

иштен чыгарылган электр энергиясы чыңалуусун көбөйтүүчү трансформаторго берилет да, андан бөлүштүрүүчү түзүлүшкө өтөт. Тоо суусунда курулган станцияларда суунун деңгээлинин айырмасы агызгыч курулмалар аркылуу алынат. Аларга деривациялык каналдар, туннелдер, түтүктөр кирет. Мис., дарыядан суунун бир бөлүгү канал м-н кыяга чыгарылып, түтүктор аркылуу турбинага берилет. Кубаттуулугу б-ча С. э. с. чоң (250 *Мвт*тан ашык), орточо (25 *Мвт*ка



Станция плотинасы м-н электр станциясынын туурасынан кесилиши.

чейин), аз кубаттуу (5 *Мвт*ка чейин) болуп айырмаланат. Суунун деңгээли б-ча С. э. с. бийик (60 *м*ден ашуун), орто (25—60 *м*) ж-а жапыз (3—25 *м*) болуп бөлүнөт. Түз дарыяларда негизинен орто ж-а жапыз деңгээлдүү, тоо жеринде плотина аркылуу 300 *м*ге чейинки станциялар курулат. Суу энергиясын пайдалануу отуи энергиясына салыштырганда арзан ж-а түгөнбөс. Кырг-нда биринчи жолу Ошто (1913—14-ж.) кубаттуулугу 280 *квт* болгон эки С. э. с., кийин Аламүдүндө (1916—28) 410 *квт* С. э. с. курулган. Азыр респ-када чоң кубаттуу Токтогул (1 200 000 *квт*). Үч-Коргон (180 000 *квт*), Ат-Башы (40 000 *квт*) С. э. с. бар.

Ад.: Аргунов П. П., Гидроэлектростанции, К., 1960; Никитин Б. Н., Энергетика гидростанций, М., 1968; Электрофикация СССР. 1917—1967, под ред. П. С. Непорожнего, М., 1967; Труды Гидропроекта. Сборник 16, М., 1969; Гидроэнергетика СССР. Стат. обзор, М., 1969; Иманалиев М., Кыргызстандын энергетикалык ресурстары, Фр., 1970.

СУУ ЭНЕРГЕТИКАСЫ — *энергетиканын* суу ресурстарынын энергиясын пайдаланууга байланыштуу бөлүмү. Мурда суу агымынын энергиясы жумуш аткаргыч машиналардын *(тегирмен,* станок, аба үйлөткүч ж. б.) кыймылга келтиргичтеринде колдонулган. Гидравликалык турбина, *электр машинасы* түзүлгөндөн ж-а электр энергиясын алыс аралыкка берүү жолдору ойлоп табылгандан кийин С. э. *суу электр станциясында* (ГЭС) суунун энергиясын электр энергиясына айландыруу жолуна байланыштуу *электр-энергетикасынын* өзүнчө багыты катары жаңы маанеге ээ болду. ГЭС — *жылуулук электр станциясынан* ток жыштыгын жөндөөгө ылайыктуулугу ж-а энергия системасынын аварийлык резервин камсыз кылып, тез иштей тургандыгы м-н айырмалануучу энергетикалык установка. СССРдин чоң ж-а орто дарыяларындагы суу энергетикалык ресурстарынын тех. потенциалы 240 млн *квт* кубаттуулук м-н баалаиат же электр энергиясынын жылдык өндүрүлүшү 2100 млрд *квт·с*. Ал эми экон. натыйжалуу суу энергетикалык байлыктар 125 млн *квт*ка жакын же 1095 млрд *квт·сты* түзөт. СССРдин бир катар райондорунда (Азия бөлүгүндө) ГЭС энергетикалык чарбанын негизин түзөт.

СУУ ЭРОЗИЯСЫ — суу агымынан жер кыртышынын, топурактын бузулушу, к. *Эрозия, Топурак эрозиясы.*

СУФИЗМ (ар. суф—жүн; суфи—жүн чепкен кийген адам; кыргызча сопу) — исламдагы мистикалык-аскеттик агым. Мүнөздүү белгилери: идеалисттик метафизика, аскетизм, кудайга сыйынуу, пир тутуу, өзгөчө бий же келмелерди кайталоо аркылуу экстазга, «көзү ачыктыкка» умтулуу. Дүйнөкордукка, ач көздүккө ж-а бузукулукка каршы кыймыл катары 8-к-да азыркы Иракгын ж-а Сириянын аймагында пайда болуп, кийин түн.-батыш Африкадан Кытай ж-а Индонезиянын түп. аймактарына чейин тараган. С-дин сопуларды аскетизмге, дербишчиликке үндөшү аларды тап күрөшүнөн алаксыткан. 12-к-да С. ордендери (уюм) уюшулуп, анын мүчөлөрү монастырларга окшогон жайларда жашаган. Ал жерге сопулар чогулуп, зикир чалышкан. Ордендердин башында пейхтер турган. С-дин корүнүктүү өкүлү — аль-Газали. С-дин идеялары о. кылымдагы перс ад-тына терс таасир тийгизген. О. Азияга С. 11—13-к-да тараган. С. кыргыздардын арасына анча кеңири тамыр жая алган эмес.

СУФЛЁР (фр. souffler — дем алуу, үйлөө, шыбыран айтып туруу) — репетиция же спектакль учурунда пьеса тексти (суфлёр пускасы) б-ча зарыл учурда актёрго текстти айтып турган театр кызматчысы. Муз. театрда С. спектаклди клавир б-ча көзөмөлдөйт. С. көпчө тарабындагы суфлёр будкасынан (же сахнанын бир капталынан) орун алат.

СУХАНА — Ош обл-ныи Фрунзе р-нундагы Үч-Коргон айыл советине караштуу кыштак. Калинин к-зунун аймагында. Райондун борбору Фрунзеден 34 *км* чыгыш тарапта. Кызыл-Кыя т. ж. станциясынан 1 *км*. Калкы 2247 (1979). Орто мектеп, медпункт бар.

СУХИН Семён Захарович (1905-ж. т., Томский обл., Орловка кыш.)—Сов. Союз. Баатыры (1945), лейтенант. 1941-жылдан КПСС мүчөсү. Сов. Армияга 1941-ж. Кыргыз ССРинин Киров р-ндук аскер комиссариатынан чакырылган. Улуу Ата Мек. согушка 1942-ж. февралдан кирип, 2-Белорус фронтунун 64-аткычтар дивизиясынын 433-аткычтар полкундагы 2-батальондо взвод командири болгон. 1944-ж. 14-июлда С. башкарган жоокерлер тобу Неман д-нан өтүп, душмандын 12 контрсоккусунун мизин кайтарып, 150 гитлерчинин жок кылып, дивизия бөлүктөрүнүн Немандан ийгиликтүү өтүшүнө шарт түзгөн. Ленин ордени, Кызыл Туу, 1-дараж. Ата Мекендик Согуш ордендери м-н сыйланган. Согуштан кийин С. Новокуйбышевск ш-нда жашайт.

СУХОВ Василий Иванович (20. 2. 1910, Алтай крайы, Змеиногорский р-ну, Барановo кыш.— 15. 2. 1945, Польша, Шнайдемюль ш.) — Сов. Союз. Баатыры (1945), капитан. 1944-жылдан КПСС мүчөсү. Согушка чейин Кырг-ндын Жети-Өгүз р-ндук камсыздоо бөлүмүнүн пред-ли болуп иштеген. С. 1939-ж. Кызыл Армияга чакырылып, Улуу Ата Мек. согушта Борб., Брянск, 1-Белорус фронтторунда салгылашкан. 1285-аткычтар полкунун С. командалык кылган 3-аткычтар батальону 1945-ж. 16-январда Висла д-нын (Польша) батыш өйүзүнө биринчи чыгып, андан полкун ийгиликтүү өтүшүн камсыз кылган. Шнайдемюль чеби үчүн 7 күндүк салгылашта ботончо эрдик көрсөткөн. С. 2-дараж. Ата Мекендик Согуш ж-а Кызыл Жылдыз ордендери м-н сыйланган.

СУХОЙ Павел Осипович [10(22). 7. 1895, Глубокое кыш., азыркы Витебский обл.— 15. 9. 1975, Москва] — сов. авиаконструктор, эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1957, 1965), тех. илимд. доктору (1940), ген. конструктор (1956), Москва жог. тех. окуу жайын бүткөндөн кийин (1925) Н. Е. Жуковский атн. Борб. аэрогидродинамикалык ин-тта инженер-конструктор. А. Н. Туполевдин жетекчилиги м-н И-4 (1926—27) ж-а И-14 (1932—34) истребителдерин түзгөн. РД (АНТ-25) ж-а «Родина» (АНТ-37) самолётторунун конструктору. 1939-жылдан тажрыйбалык конструктор бюросунун башкы конструктору. 1942—43-ж. Су-6 бронделгон чабуулчу самолётту курган. С.— реактивдүү (Су-9, Су-15 ж. б.) ж-а үндөн ылдам учуучу авиациянын түзүүчүлөрдүн бири. СССР Жог. Советинин (5—8-шайл.) депутаты, Эки жолу СССР мамл. сыйл., Лениндик сыйл. лауреаты. Үч Ленин ордени, башка 4 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

СУХОМЛИНСКИЙ Василий Александрович (28. 9. 1918, азыркы Кировоград обл., Онуфриев р-ну, Васильевка кыш.— 2. 9. 1970, ошол эле райондун Павлыш кыш.) — сов. педагог, УССРдин эмг. сиң. мугалими (1969), СССР ПИАның корр. мүчөсү (1968, 1957-жылдан РСФСР ПИАның), Соц. Эмг. Баатыры (1968). Дыйкан үй-бүлөсүнөн. Полтава пед. ин-тун бүткөн (1938). Улуу Ата Мек. согуштун (1941—45) катышуучусу. 1948-жылдан өмүрүнүн акырына чейин Павлыш орто мектебинин директору. Мектепте ж-а үй-бүлөдө коммунисттик таалим-тарбия берүүнүн теориясы ж-а методикасы, окуучуну телегейи текши өнүккөн адам кылып тарбиялоого, педагогдук чеберчиликке байланыштуу маселелерди иштеп чыгып, сов. гуманисттик педагогиканын идеяларын жайылткан. «Жүрөгүмдү балдарга арнайм» китеби үчүн УССР мамл. сыйл. (1974) лауреаты, эки Ленин ордени, Кызыл Жылдыз ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Сердце отдаю детям, 5 изд., 1974; Рождение гражданина, 3 изд., Владивосток, 1974; О воспитании, 2 изд., М., 1975.

СУХОНА—РСФСРдин Вологда обл-ндагы дарыя. Уз. 558 *км*, алабынын аянты 50 300 *км*². Кубенский көлүнөн башталат. Юг д. м-н көпчүлүк, Түн. Двинаны түзөт. Нугунда сайроон көп. Негизинен кар суусунан куралат. Апрелден июлдун ортосуна чейин кирет. Суунун орт. чыгымы (чатынан 39 *км* жогору) 456 *м*³/*сек*, эң чоңу 6520 *м*³/*сек*, эң азы 17,6 *м*³/*сек*. Ноябрда тоңуп, апрелде ачылат. Сал агызылып, кеме жүрөт. Түн. Двина системасы, Шексна д. аркылуу Волга м-н байланышат. Жээгинде Сокол, Тотьма, Великий Устюг ш-лары жайгашкан.

СУХУМИ — Абхаз АССРинин борбору, шаар. Кара деңиздеги порт ж-а т. ж. станциясы. Калкы 114 миң (1979). Маанилүү мад-т ж-а экон. борбор. Ө. ж. тармактары: тамеки, консерва, булгаары бут кийим ж. б.; заводдору: прибор куруу, газ аппаратгарын эксперименттөө. ГССР ИАның Д. И. Гулиа ат. Абхаз тил, ад-т ж-а тарых ин-ту, СССР МИАның Эксперименттик паталогия ж-а терапия ин-ту, ГССР ИАның ботан. багы, пед. ин-т, индустрия техникуму, мед., муз. ж. б. окуу жайлары, драма театры, край тааиуу музейи, климатбальнеология курорту бар. Кавказ м-н Кара деңиздеги туризмдин ири борбору. 1847-жылдан шаар.

Руставели проспектиси.





С. З. Сухин.



В. И. Сухов.



П. О. Сухой.



Сухэ-Батор.

СУХУМИ БОТАНИКА БАГЫ — ГССР ИАга караштуу ботан. бак. 1840-ж. негизделген. Сухуми ш-нда, көрсөтмө бөлүгү 7 *га*, тажрыйба бөлүгү 18 *га*. Алгач баалуу субтропик өсүмдүктөрү — чай, цитрус, эфир майлуу өсүмдүктөр байырлаштырыла баштаган. Совет бийлиги тушунда бак кеңейтилип, жакшыртылды. Максаты — пайдалуу жаңы өсүмдүктөрдү байырлатып, эгүүгө таратуу ж-а Абхазиянын



өсүмдүк флорасын изилдөө. Анда өсүмдүк байырлатуу, ботаника, гүлчүлүк ж-а жашылдандыруу бөлүмү, бир нече лабор-я бар. Бакта 4500дөн ашык өсүмдүк сорту, түрү өсөт, аның ичинен 1200гө жакын түрү субтропиктик бадал, дарак. Алардын көпчүлүгү СССР флорасында сейрек учурайт. Бакта чанда учуроочу казыиды өсүмдүктөр коллекциясы бар. 1961-жылдан ил. эмгек чыгарат.

Ад.: Цицин Н. В., Ботанические сады СССР, М., 1974.

СУХЭ-БАТОР Дамдины [2. 2. 1893, Цэцэн-Хана аймагы, азыркы Сухэ-Батор аймагы — 22. 2. 1923, Урга (азыркы Улан-Батор)]—Монголиянын саясий ж-а мамл. ишмери. Монголиянын элдик рев-ячыл партиясын (МЭРП) негиздеген. 1921-жылдагы монгол элдик рев-ясын жетектеген. Кедей араттын үй-бүлөсүнөн. 1912—13-ж. армияда кызмат өтөп, 1918-жылдан басмаканада арии тергич болуп иштеген. 1919-ж. Ургада жашырын рев-ячыл ийрим уюштурып, 1920-ж. ал ийрим м-н *Чойбалсан* негизделген ийримдин биригишинен түзүлгөн рев-ячыл уюмду жетектеген. Ал уюм МЭРПтин (1921, март) негизин түзгөн. Аның жетекчилиги м-н монгол эмгекчилери элдик рев-яны жүзөго ашырган. С.-Б. Сов. Армиянын болүктөрү м-н бирге 1921-ж. Унгерндин ак гвардиячыл бандасын талкалаган, монгол аскерлеринин башкы командачысы болгон. С.-Б. совет, монгол элинин жалпы душманы — ак гвардиячыларга каршы күрөштө сицирген эмгеги үчүн сов. Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. Ал 1921-ж. 5-ноябрда Москвада достук ж-догу совет-монгол келишимине (биринчи) кол коюп, В. И. Ленин м-н жолуккан.

Ад.: Тудэв Л., За Полярной звездой. Повесть о Сухэ-Баторе, [пер. с монг.], М., 1968.

СУХЭ-БАТОР — Монгол Эл Респ-касындагы шаар. Орхон д-ныи Селенга д-на куйр жеринде. СССРдин чек арасына жакын. Селенга аймагынын админ. борбору. Соода-транспорттук пункт. Пристань. Калкы 8,3 миң (1963). Ширецке ф-касы, үй куруу комбинат, тегирмен, вет. ж-а ветех. станция, вет. техникум бар. С.-Б. 1940-ж. негизделген. Д. *Сухэ-Батордун* ысмынан коюлган.

СУЧЖОУ, Усянь — КЭРдеги шаар. Улуу Кытай каналынын жээгинде. Калкы 633 миң (1957). Дарыя порту ж-а т. ж. станциясы. Жибек о. ж-ныи при борбору. Кол өнөрчүлүк өнүккөн. Химия, кагаз, кебез кездеме токуу, тамак-аш о. ж. ишканалары иштейт. Авиац. ж-а пед. ин-ттар бар. Шаар б. з. ч. 514—489-ж. негизделген.

СУЩЕВ Степан Захарович [1914-ж. т., Жети-Суу обл., Олуя-Ата у., Георгиевка кыш. (азыркы Казак ССРи, Жамбыл обл., Кордой р-ну, Георгиевка кыш.)] — Сов. Союз. Баатыры (1943), ст. сержант. Сов. Армияга биринчи жолу 1937-ж. Кордой р-ндук аскер комиссариатынан чакырылып, мөөнөтү бүткөндө өз каалоосу б-ча Ички иштер эл комиссариатынын органдарында иштөөгө которулган. Улуу Ата Мек. согуш (1941—45) башталганда ыктыяры м-н фронтко жөнөп, Москваны коргошкон. Жаратынан айыккан соң 2-Украин фронтунун составында Курск салгылашы-




С. З. Сущев.

па катышып, заводду башкарган. 1943-ж. Днепрден өткүдө бетончо эрдик көрсөткөн. Ленин ордени ж. б. медалдар м-н сыйланган. С. 1951-жылдан Беловодский кыш-ндагы автобазада иштеп, ошол жерден пенсияга чыккан.

СУЭЦ БУЛУҢУ Кызыл деңизде. Синай ж. а. м-н Африканын ортосунда. Уз. 325 *км*, туурасы 15—46 *км*, терең. 80 *м*ге чейин. Суткада 2 жолу ташкындайт (бийикт. 1,8 *м*). *Суэц каналы* аркылуу Жер Ортолук деңиз м-н байланышат. Башкы порту—Суэц ш.

СУЭЦ КАНАЛЫ — Жер Ортолук деңизди Кызыл деңиз м-н туташтырган кеме жүрүүчү канал. ЕАРдын түн.-чыгышында. Атлантика ж-а Инди океандарынын ортосундагы кыска суу жолу (Африканы айланып өтүүчү жолду 8—15 миң *км*ге кыскартат). С. к. Африка м-н Азиянын чек арасы (шарттуу) катары саналат. Канал 1869-ж. 17-ноябрда официалдуу ачылган. Уз. 161 *км*, туурасы 120—150 *м*. Фарватердеги терең. 12,5—13 *м*. Башкы порттору: Порт-Саид (Порт-Фуад м-н кошо), Суэц (Порт-Тауфик м-н кошо). С. к. чөлдүү Суэц мойногунун эң куюш ж-а өйү жери аркылуу өтөт. С. к. аркылуу 1913-ж.



5,1 миң кеме (жалпы тоннажы 20 млн *т*), 1966-ж. 21,25 миң кеме (274,3 млн *т*) өткөн. Ташылуучу жүктүн 70%тен ашыгы — нефть ж-а нефть продуктусу.

Байыркы Египетте б. з. ч. 2-миң жылдыкта Нил д. м-н Кызыл деңизди туташтырган канал курулган. 1854-ж. франц. дипломат Ф. Лессепс Египеттин башкаруучусунан С. к-н курууга уруксат алган. Канал 1859-ж. курула баштап, 1869-ж. бүткөн. Иштин көбүн египет феллахтары бүтүргөн. Ашкере чыгымдан Египеттин экон. абалы оордогон кезде англ. өкмөт С. к-ның акциясынын Египетке тиешелүү үлүшүн сатып алган (1875). 1880-ж. египет өкмөтү С. к-н башкаруудан ж-а киреше алуудан ажырап, 1882-жылдан С. к. Ж. Чыгыштагы британиялык негизги согуштук стратегиялык базага айланган. 1888-ж. Стамбулда С. к-нда эркин сүүү ж-де эл аралык конвенция түзүлгөн. Биринчи ж-а экинчи дүйн. согушта С. к-нда кеменин жүрүшүн англ. бийлик жөнгө салып турган. Согуштан кийин египет элинин С. к-ндагы англ. оккупацияга каршы күрөшү күчөгөн. Улуу Британия, Франция ж-а АКШ-нын башкаруучу чөйрөлөрү каналды «интернационалдаштыруруга» аракеттенген соң ал маселе ООНдун Коопсуздук Советинде каралып, Египеттин каналга болгон суверенитети таанылган. Египетке каршы 1956-жылкы англ.-франц.-израилдик, 1967-жылкы израилдик агрессия каналды кыйла бүлүткөн. С. к. калыбына келтирилип, 1975-ж. ишке берилген.

СУЭЦ КАНАЛЫ ЖӨНҮНДӨГҮ КОНВЕНЦИЯ, Константинополь конвенциясы (1888) — Россия, Англия, Франция, Германия, Австрия-Венгрия, Испания, Италия, Нидерланд, Турция мамлекеттеринин Суэц каналында эркин сүүү маселеси б-ча Константинополдо 1888-ж. 17(29)-октябрда кол коюлган келишими. Канал курулган Египет аймагы ошол учурда түрк султандыгына көз каранды болгондуктан ал конвенцияга кол коюлган эмес. Кийинчерээк Греция, Португалия, Швеция, Норвегия, Дания, Япония ж-а Кытай кошулган. Конвенция Суэц каналында бардык мамлекеттердин кемелери тынчтык, о. эле согуш убагында эркин жүрөөрүн бекиткен. 1956-ж. Египет өкмөтү Суэц каналын мамлекеттештирип, конвенциянын принциптери сакталарын билдирген.

Англия-Франция-Израилдин Египетке агрессиясы (1956) убагында конвенциянын шарттары бетончо орой бузулган.

СУЭЦ МОЙНОГУ — Африка м-н Азияны бириктирип, Жер Ортолук деңизди Кызыл деңизден бөлүп турган тилке. Тектоникалык ойдуң аралап жатат. Туурасы 112 *км*ге чейин. Жериинин бети чополуу түздүк. Батышында кумдуу дюна ж-а бархандар кездешет. Түздүү көлдөрү (Чоң Ачуу көл ж. б.) бар. Климаты субтропиктик чөлдүк. Мойноктон *Суэц каналы* өтөт.

СУЮК АЙНЕК — натрий ж-а калий силикаттарынан (жалпы формуласы $R_2O \cdot mSiO_2$, мында R — Na жө K) турган тунук айнек түрүндөгү куйма. С. а. кварц куму м-н сода, натрий сульфаты жө шакар кошулуп айнек эритүүчү мөшө эритүү жолу м-н алынат. Көлкүлдөк эритинди муздагандан кийин алынган кесек силикат болмо темп-расындагы сууга эрибейт, бирок 120—170°Сде (автоклавда) оной эле эрийт. С. а. кислотага туруктуу цементке, ысыкка туруктуу шыбак материалга кошулат, о. эле желимдегич зат катары, силикат бөйгүн алууда ж. б-да колдонулат.

СУЮК ЖЕР СЕМИРТКИЧТЕР — о. ж-да чыгарылып, суюк түрүндө топуракка чачылуучу минералдуу заттар. Бута азоттуу жер семирткичтер — суусуз суюк аммиак, аммиак суусу, аммиакаттар, аммиак селитрасынын жө мочевинанын суудагы каныккан эритиндиси, ар кандай катыштагы осүмдүктүн негизги 2 жө 3 азык элементи (азот, фосфор, калий) бар таталл С. ж. с. кирет. СССРде азоттуу С. ж. с. 1956-жылдан, ал эми таталл С. ж. с. 1966-жылдан колдонулууда. Азоттуу С. ж. с-де негизинен азот (аммиак суусунда 16,5—20,5%, суюк аммиакта 82,2%, аммиакаттарда 35—45%) жө аммиак түрүндө болот. Аммиак (NH_3) топурак м-н бекем чапташып, сууга жуулбайт. Таталл С. ж. с. — азот, фосфор ж-а калийдин 27%чө суудагы эриндиси. Эринди катпас үчүн стабилизатор кошуп, азык заттарын 40%ке жеткирүүгө болот.

СУЮК КРИСТАЛЛДАР, суюк кристаллдык абал, мезоморфтуу абал — катуу кристаллдар м-н суюктуктардын ортосундагы структуралык (анизотропиялык) касиеттерге ээ болгон өзгөчө абалдагы заттар. С. к. термотроптуу ж-а лиотроптуу болуп айырмаланат. Биринчиси — белгилүү темп-ралык интервалда мезоморфтук абалга пайда болгон өз алдынча зат. Лиотроптуу С. к. — белгилүү эритикчтердеги кээ бир заттардын эритмеси. С. к. молекулаларынын жайгашуу тартиби б-ча нематикалык ж-а смектикалык («суюк кристалл» ж-а «агуучу кристалл») болуп болунот. Нематикалык С. к-да (параазоксианизол, синтездик полипептиддердин эритмеси) молекулалардын узата огу кандайдыр багыт б-ча жайгашат.

Смектикалык С. к-да (азоксибензол к-тасынын этил эфири, самындын суудагы эритмеси) молекулалардын учтары өзөл молекулалардын узата огуна перпендикуляр болгон тегиздикке бекитилгендей болуп жайгашат.

СУЮК ОТУНДУУ РАКЕТА КЫЙМЫЛДАТКЫЧ (СОРК) — чойрогун абасын пайдаланбай, суюк отун м-н иштөөчү *реактивдүү кыймылдаткыч*. Суюк отун катары күйүүчү майлын (мис., керосин) кычкылдантkыч (мис., суюк кычкылтек) кошулган аралашмасы колдонулат. СОРК соплосу бар күйүүчү камерадан, отун компоненттерин берүүчү системадан, жөндөгүч, тутандыргыч механизмден ж-а жардамчы агрегаттардан (жылуулук алмаштыргыч, аралаштыргыч ж. б.) турат. Анын тартуу күчү бир нече *мин*ден (микроракета кыймылдаткычы) бир нече *мин*ге жетет. СОРК — раканын негизги кыймылдаткычы (к. *Ракета кыймылдаткычы*).


Ад.: Волков Е. В., Голованов Л. Г., Сырицын Т. Л., Жидкостные ракетные двигатели, М., 1970.

СУЮКТУК БЕТИНДЕГИ ТОЛКУНДАР — суюктук бетинде жө өз ара аралашпоочу суюктуктардын чегинде пайда болуучу ж-а таралуучу толкундар. Сыртқы аракеттердин таасиринен суюктуктун бетинин тең салмактуулук абалы бузулуп, анда беттик толкундар пайда болот (мис., сууга таш түшкөндө). Тең салмактуу абалды кайра калыбына келтирүүчү суюктуктун *беттик тартылышы* ж-а *оордук күчү* пайда болот. Беттик тартылыш күчтөрдүн таасиринен пайда болгон толкундар капиллярдык, оордук күчтүн таасиринен пайда болгон толкундар гравитациялык деп аталат. Эгер толкун эки күчтүн тең таасиринен жаралса, анда гравитация-капиллярдык толкундар болот.

СУЮКТУКТАР — заттын катуу ж-а газ түрүндөгү абалдарынын ортосундагы агрегаттык абал. С. катуу зат м-н газдардын кээ бир өзгөчөлүктөрүн сактоо м-н өзүнө гана тиешелүү агуучулук касиетке ээ. Хим. составы б-ча бир компоненттүү жө таза С. ж-а эки жө көп компоненттүү суюк эритме, физ. табияты б-ча кадимки (нормалдуу) С., суюк кристаллдар ж-а кванттык С. (^4He, ^3He) болуп бөлүнөт. Нормалдуу таза С. бир гана суюк фазага ээ. Кванттык С. эки суюк фазада — нормалдуу ж-а *өтө агуучулук*, ал эми суюк кристаллдар нормалдуу ж-а бир жө эки анизотроптуу фазада болот. С. кризис темп-рада газга, ал эми белгилүү темп-рада катуу затка айланат. С-дын молекулалар арасындагы күчтүү аракеттенүүсү С. м-н башка чөйрөлөрдүн чегинде *беттик тартылышы* пайда кылат. Катуу перселердин бөлүкчөлөрү сыяктуу С-дын молекулалары кандайдыр бир тең салмактуу абалдын айланасында жылуулук термелүү жасайт. Эгер катуу перселерде бул тең салмактуулук абал өзгөрбөсө, С-да убакыттын өтүшү м-н тең салмактуулук абал өзгөрүп, С-дын агуучулугун шарттайт.

Ад.: Фишер И. З., Статическая теория жидкостей. М., 1961; Физика простых жидкостей. Экспериментальные исследования, пер. с англ., М., 1972.

СУЮКТУК ТЕРМОМЕТРИ — суюктуктардын ысытуудан кеңейүү касиетине негизделген *температура* өлчөөчү прибор. Ал техникада ж-а лабор-яларда —200дөн +750°Сге чейинки темп-раны өлчөөдө кеңири колдонулат. С. т. — айнек жө кварц капиллярлардан кандалган *резервуар*. °С шкаласы калың айнектүү капиллярдын жө ага бекитилген пластинканын бетине чийилет. Термометрдик суюктук резервуардын ичине ж-а капиллярдын бир бөлүгүнө толтурулуп, темп-ра өзгөргөндө анын көлөмү да өзгөрүп, капиллярдагы деңгээли көтөрүлөт жө төмөндөйт. Түрдүү темп-ралык интервалдар үчүн түрдүү суюктуктар, мис., —200дөн +20°Сге чейин пентан, —80дөн +70°Сге чейин этил спирти, —35тен +750°Сге чейин сымап ж. б. колдонулат. Нормалдуу басымда —38дөн +356°Сге чейинки темпрада суюк абалда болгондуктан сымап термометри практикада кеңири колдонулат. Сымап оңой тазаланып, айнекке жукпайт.



Суюктук термометри: а — сыртқы шкалалуу болмо термометри; б — шкаласында 0°С чекити бар нымдалган шкалалуу лабораториялык термометр.

СУЮЛТКУЧ — кант кызылчасынын катар аралыгын суюлтуучу машина. Иштөөчү тетиктери Г сымал бычактуу фреза м-н дискалардан турат. Фрезанын алдына калак орнотулат. СССРде 4, 6, 8, 12 ж-а 18 катарлуу С. чыгарылат. С-тун фрезасы айланып, бычак отоо чөптү кыркып, топуракты 3—4 *см* тереңдикте жумшартат. С. тракторго чиркелет. Мындай С. чет өлкөлөрдө да колдонулат.

СУЮЛТУУ — солдогу же чөнөктөгү артык баш өсүмдүктү алып таштоо. С. кант кызылчасы, тамак-ашка ж-а тоютка керектелүүчү мөмө тамыр өсүмдүктөр, жүгөрү, күн карама ж. б. өсүмдүктөргө колдонулат. Чөнөктөгү нормадан ашык өсүмдүктү С. культиватор же суюлткүч машина ж-а кол м-н аткарылат. Өсүмдүк алгачкы өсүү мезгилинде суюлтулуп, жашылча өсүмдүктөрү тамак-ашка пайдалануу үчүн кыркылып алынат. С. өз убагында жүргүзүлбөсө, жарыктын жетишсиздигинен өсүмдүктүн өнүп чыгышы басаңдап, түшүмдүүлүгү азайып, илдетке чалдыгып солуйт. *Пунктирлеп себүү* С-ну талап кылбайт.

СУЯБ — соңку о. кылымдагы батыш түрк ж-а түргөш кагандарынын ордо шаары. С. 7—10-к-дагы жазма даректерде эскерилет. О. кылымдагы авторлордун билдирүүсүнө караганда С. Чүй өрөөнүндө жайгашкан, бирок аның орду али тактала элек. С-ды Чоң-Кемин өрөөнүндөгү Новороссийский кыш-ның жанындагы шаар чалындары м-н байланыштырууга А. Н. Бернштамдын жасаган аракетин Кожемяконун изилдөөлөрү ырастаган жок. Анткени Чоң-Кемин өрөөнүндөгү чалдыбар 10—12-к-га, С. 6—10-к-га таандык. Англ. окумуштуу Ж. Клоссондун пикири б-ча С. Ак-Бешим шаар калдыгына окшоштурулат.

Ад.: Бартольд В. В., Соч., т. 4, М., 1966; Бернштам А. Н., Археологический очерк Северной Киргизии, Фр., 1941; Кляшторный С. Г., Древнетюркские рунические памятники, М., 1964.

СУЗМӨ — айран, жуурат, бышмадан суусу сарыктырылып алынган коюу, кычкыл тамак. Суусу 1—2 сутка кездеме баштыкта сарыктырылат. Бул процесс бир нече ирет кайталанган сөң алынган С. идишке салынып, масла туздалат. С. алуу ишн айран-сүттү узакка сактоо, кургатып алуу технологиясы м-н байланыштуу. С-дөн *курут* жасалат, о. эле сууга эзилип чалап, ак серке сыяктуу суусундук даярдалат. С. *жарма, сорпо* ж. б. тамактарга катыкталат. С. азыр өндүрүштө да даярдалат.

СУЗӨК, гонорея (гр. gonorrhoia, gónos — урук ж-а rhéō — агам; байыркы гректер С-то урук агат деп түшүнгөн), триппер — *венера ооруларынын* бири. Аны гонококк козгойт. Ооруган кишиден көбүнчө жыныс жолу м-н, балдарга оорулуу энесинен төрөт учурунда (мис., *бленнорея*), о. эле сүлгү ж. б. аркылуу жугат. С-ко *иммунитет* болбогондуктан ал улам кайталап жугушу мүмкүн. *Инкубация мезгили* 1 суткадан 2—3 жумага чейин созулат. Андан кийин жыныс органдарын ж-а сийдик жолдорунун былжыр челинде *инфильтрат* пайда болуп, ал кийин кабылдап, *простатитке, орхитке* ж-а алардын натыйжасында *тукумсуздукка* алып келет. Аялдарда гонококк сийдик жолу м-н жатындын моюнчасын жабыркатып, узакка билинбей, оору жугуза берет. Сезгенүү күчөгөндө *сальпингоофорит* пайда болот. Дарылоодо *антибиотиктер, иммунотерапия, физиотерапия* ж. б. колдонулат. С-тун алдын алууда тери-венерология диспансерлери зор профилактика чараларын жүргүзүүдө.

Ад.: Калинчер В. С., Основы профилактики и лечения гонореи женщины, Л., 1970; Соловьёв Н. Е. [и др.]. Венерические и кожные заболевания, А.-А., 1973.

СҮЙЛӨМ — грамм. жактан уюшулуп, айрым бир бүткөн ойду билдирүүчү сөз жө сөз айкалыштары. С-дө айтаган интонация катышат. Курулушуна карата жалпы жөнүнөн жөнөкөй С., кошмо С. болуп экиге болунөт. Жөнөкөй С-дүн негизин ага мүчө катары келген сөздөр түзүп, кошмо сүйлөм экн жө андан да көп жөнөкөй сүйлөмдөрдүн айкалышынан турат. Жөнөкөй С-дүн эки түрү (бир тутумдуу, эки тутумдуу), кошмо С-дүн үч түрү (тең байланыштагы, багыныңкы байланыштагы ж-а аралаш) бар. Сүйлөмдүн кайсы түрү болсо да, милдети жагынан бирдей — айрым бүткөн ойду билдирет, пикир алышуу ишин тейлейт.

Ад.: Виноградов В. В., Основные вопросы синтаксиса предложения, в сб.: Вопросы грамматического строя, М., 1955; Мухин А. М., Структура предложений и их модели, М., 1968; Грамматика современного русского литературного языка, М., 1970; Жапаров А., Кыргыз тилинин грамматикасы, 2-болүк, Синтаксис, Фр., 1959; Жакыпов Ы., Азыркы кыргыз тилинин жөнөкөй сүйлөмүнүн синтаксиси, Фр., 1958; Сартбаев К. К., Кыргыз тилиндеги кошмо сүйлөмдүн синтаксиси, Фр., 1957.

СҮЙЛӨМ МҮЧӨЛӨРҮ — сөз айкалыштар тутумунда биринин милдетин экинчиси шарттап турган сөздөр. Алар өз ара катышына, милдетине ж-а формасына жараша тийиштүү суроолорго жооп берет. Мис., тилдө (эмнеде?) сөөк (эмне?) жок (кандай?), бирок сөөктөн (эмнеден?) өтөт (эмне кылат?). Ал эми сүйлөмгө мүчө болө албаган сөздөр (каратма, кириндн, сырдык сөздөр) кандайдыр



А. Сүйөркулов.



Ш. Сүйөркулов.



А. С. Сүйүмбаев.

бир суроого жооп болуп түшпөстөн, субъективдүү катыштарды билдирип, сүйлөмгө ар кандай кошумча маани берүү милдетин гана аткарат. С. м. аткарган синтаксистик милдеттеринин өзгөчөлүктөрүнө карай баш мүчө ж-а айкындооч мүчө деп болунөт.

Ад.: Мураталиев М., Турсунов А., Кыргыз тилиндеги сүйлөм мүчөлөрү, Фр., 1961; Джапаров А., Главные члены предложения в современном киргизском языке, Фр., 1964; о. эле к. *Сүйлөм, Синтаксис* макалаларынан.

СҮЙЛӨӨ — адамдын тил аркылуу пикир алмашуу ишмердиги (к. *Коммуникация*). Адамдардын өз ара байланышында жаңсоо, шарттуу белгилер ж. б. каражаттардын ичинен С. башкы орунда. Ал адам коомунун муктаждыгынан жаралган. С. бирге-лешкен иш-аракеттерди жөнгө салуунун каражаты, о. эле калыптанып жаткан аң-сезимдин көрүнүшү болгон. Өнүгүүнүн жүрүшүндө С. адамдын иш-аракеттерин уюштурууну гана милдетин аткарбастан, анын мазмунун өзгөртөт, байытат. Сов. психология С-нүн эки негизги функциясын белгилейт: 1) пикир алмашуу куралы; 2) ойлоо, жалпылоо куралы. Экөө адамдын психол. калыптанышында диалек. байланышта болот. С-нүн эки түрүн көрсөтүүгө болот. 1. Кадимки С. (же тышкы С.) — башка адамдарга таасир этүүгө багытталган аракет. 2. Ички С.— адамдын тигил же бул маселе ж-дө өзү м-н өзү пикирлешүүсү. Ички С-дө тил каражаттары м-н катар көмөкчү каражаттар (элестер, образдар, схемалар ж. б.) да колдонулат. Натыйжада ал синтаксистик өзгөчө түзулүшкө ээ болот. Бул ж-дө алгач Л. С. Выготский жазган. Кадимки С. пикир алмашуудан башка милдеттерди да аткарат. Мис., поэтикалык (иск-во аркылуу пикир алышуу), сыйкырлуу (реалдуу дүйнөгө сөз м-н таасир этүү), номинативдик (перселерди, кубулуштарды атоо) ж. б. С-нүн оозеки ж-а жазма түрүндө да өзгөчөлүктөрү бар.


СҮЙЛӨӨ ОРГАНДАРЫ, сүйлөө жө үн чыгаруу аппараты — адамдын түрдүү физиол. функцияларды аткарып, үн чыгаруучу органдары. С. о. алар үн чыгарууга зарыл аба агымын түзүүчү дем алуу органдары (кекиртек, колко, өпкө) ж-а үндү жаратууга тикеден тике катышуучу органдар (коко, алкым, тил, кичине тил, эриндер, тиш, катуу ж-а жумшак таңдайлар, мурун көндөйү ж. б.) болуп 2 топко болунөт.

СҮЙӨРКУЛОВ Абды (1912-ж. т., азыркы Ош обл., Токтогул р-ну, Торкен кыш.) — сов. мамл. ж-а парт. ишмер. 1940-жылдан КПСС мүчөсү. Кедей дыйкан үй-бүлөдөн. 1932-жылга чейин орто ж-а жог. окуу жайларда окуган. 1932—41-ж. райондук ж-а обл. чарбалык уюмдарда жетекчи кызматтарда. 1941—42-ж. Эл (эмгекчи) депутаттар советинин Жалал-Абад обл. аткомунун пред-ли. 1942—44-ж. Кырг-н КП (б) БКнын секретары. 1946-ж. ВКП(б) БКнын Жог. парт. мектебин бүтүргөн. 1946—49-ж. Кырг-н КП(б) БКнын үчүнчү ж-а экинчи секретары. 1947—50-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин, 1950—59-ж. Кыргыз ССР Мин. Советинин пред-ли. 1959—69-ж. Кыргыз ССР соода министри. КПССтин 19—20-съезддеринин делегаты. СССР Жог. Советинин (2—5-шайл.) депутаты. 1969-жылдан пенсияда. Эки Ленин ордени, 2 Эмгек Кызыл Туу ордени жана медалдар менен сыйланган.

СҮЙӨРКУЛОВ Шамшидин (5. 12. 1929-ж. т., Ош обл., Ленин р-ну, Шайдан кыш.) — хирург, Соц. Эмг. Баатыры (1978), Кыргыз ССРинин эмг. сиң. врачы (1976), саламаттык сактоонун отличниги (1964). КММИни бүткөн (1954). 1954-жылдан Ленин р-ндук ооруканада хирург, 1968-жылдан хирургия болумунун башчысы. 1966-ж. «1-категориядагы хирург-врач» деген наам алган. С. ичеги-карын, от баштыгы, талыч ж-а кыймыл аппараттарына татаал операцияларды ийгиликтүү ишке ашырган. Ал акыркы убакта сыныкты айыктырууда Г. А. Илизаровдун аппаратын колдонуп, компрессия — дистракциялык *остеосинтезди* кеңири колдонууда. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

СҮЙРӨГҮЧ (тягач) — чиркелмени ж-а чиркелме системаны (мис., чиркелүүчү а. ч. машинасы, жол машинасы) илиштирип сүйрөгүч доңголоктүү же гусеницалуу өзү жүрүүчү машина. С-түн болот аркан (буксир) м-н сүйрөөчү же түркүктүү-илиштиргич түзүлүшү бар. Буксир м-н сүйрөөчү С-түн гусеницасынын же доңгөлөгүнүн жер кыртышындагы ото чоң оордук күчүнүн басымын алуу үчүн С-түн өзүнүн салмагы әле жетиштүү. Түркүктүү — илиништиргич салмакты бир октуу чиркеменин басымы пайда кылат, ал С-түн эәрчеси деп аталган рама аркылуу берилет. Тартуу күчүн жогорулатуу үчүн кээде С-түн трансмиссиясына берүүчү катышы көбүрөөк болгон бир нече кошумча бергич кошулат.

Трактор-сүйрөгүч.



СҮПРУ МӘӘ — мээнин эң арткы (төмөнкү) бөлүгү; жүлүндүн баш мээге өткөн, кеңейген жери. Ал кабарды (сигналды) жүлүндөн *мээге* ж-а мээден *жүлүнгө* өткөрүп турат. С. м. кан айлануу, дем алуу, тамак сиңирүү ж. б. жашоого зарыл функцияларды жөнгө салууга катышат. Анда жутуу, шилекей бөлүп чыгаруу, жетөлүү, чүчкүрүү борборлору жайгашкан. С. м. үйкунун ишке ашырылышында негизги роль ойнойт. С. м-деги *ретикул формациясынын* маанисин чон.

СҮЙУМБАЕВ Акматбек Суттубаевич (17. 12. 1920-ж. т., азыркы Аламүдүн р-ну, Орто-Алыш кыш.) — сов. мамл. ж-а партиялык ишмер. 1942-жылдан КПСС мүчөсү. Дыйкан үй-бүлөдөн. Фрунзе финансы-экономика техникумун (1938), Бүткүл союздук сырттан окутуучу финансы-экономика ин-тун (1954) бүткөн. 1938—39-ж. Нарын аймактык финансы бөлүмүндө башкы бухгалтер. 1939—47-ж. Сов. Армияда болуп, Улуу Ата Мекен согушка катышкан. 1947—55-ж. сов. ж-а парт., сов. иштерде. 1955—60-ж. Кыргыз ССРинин финансы министри. 1960-жылдан Ош облаткомунун пред-ли, 1962-жылдан Кырг-н КП Ош обкомунун биринчи секретары (1963—64-ж. Кырг-н КП Ош а. ч. обкомунун биринчи секретары). 1968—78-ж. Кыргыз ССР Мин. Советинин пред-ли. 1978-ж. декабрдан Кыргыз ССР коммуналык чарба министри. КПССтин 22—25-съезддеринин делегаты. 24—25-съезддерде КПСС БКнын мүчөлүгүнө кандидат. Кырг-н Компартиясынын 8-съездинде Текшерүү комиссиясына мүчө, 9-съездинде Кырг-н КП БКнын мүчөлүгүнө кандидат. 11—16-съезддеринде Кырг-н КП БКга мүчөлүккө шайланган. 1962-жылдан Кырг-н КП БКнын Президиум мүчөсү, 1966—78-ж. Кырг-н КП БКнын бюро мүчөсү. СССР Жог. Советине (6—9-шайл.), Кыргыз ССР Жог. Советине (5—9-шайл.) депутат. Эки Ленин ордени, башка 5 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

СҮЙУМБАЕВ Мамбет (1875, Каракол у., Орто-Өрүкту кыш.— 1933) — Пржевальск у-нде Совет бийлигин чыңдоочулардын бири. 1926-жылдан КПСС мүчөсү. Кедей үй-бүлөдөн. Кичи-Кең-Суу болушунда кембагалдарга эзүүчү



Таранчы сымалдар макаласына. 1 — калиптомене; 2 — корголдой; 3 — питта; 4 — кадимки мыймыт; 5 — сары мыймыт; 6 — чабалекей; 7 — таркылдак; 8, 9, 20 — бейиш чымчыктары; 10 — ала чыйырчык; 11 — сөз булбулу; 12 — үрпөк карга; 13 — кадимки думбул; 14 — өрмөкчү чымчык; 15 — барпы; 16 — жут чымчык; 17 — кардинал; 18, 19 — амадинапар; 21 — шимикчи чымчык; 22 — таранчы; 23 — кашка чымчык.



Тоок сымалдар макаласына. 1 — каракур: а — ургаачысы, б — эркеги; 2 — чил: а — кышкы, б — жайкы өңү; 3 — кекилик; 4 — банкив тоогу: а — ургаачысы, б — эркеги; 5 — гокко; 6 — мацкум; 7 — турач; 8 — улар; 9 — манал; 10 — бырындычы тоок; 11 — кыргоол: а — ургаачысы, б — эркеги.

дук кылган болушту өлтүргөнү үчүн 1907-ж. Сибирге сүргүнгө айдалган. Андан 1916-ж. бошонгон соң Түндүктө оорук жумуштарында иштеген. Ал 1917-ж. аскерге алынып, биринчи дүйн. согуш майданына жөнөтүлгөн. Өзөл эле жылы туткунга түшүп, андан Турция аркылуу Кырг-ңга кайтып келген. 1919—22-ж. Караколдогу Кызыл Армия отрядында кызмат өтөгөн. Түп козголоңун (1919) басууга активдүү катышкан. 1929-жылдан Эл (эмгекчилер) депутаттарынын Ысык-Көл р-ндук советинин аткомунун пред-ли болгон.

СҮЙҮҮЧҮ — кубанычтуу, жакшылык кабар билдирүү; аны билдирген кишиге берилүүчү ыроо, сыйлык.

СҮЙҮҮ, махаббат — сырдуу ж-а терең сезим, бир нерсеге (идеяга, кубулушка, адамга, мекенге ж. б.) берилгендик. С-нүн татаалдыгы ж-а маанилүүлүгү — анда биол. ж-а духовный, личносттук ж-а коомдук, жашырын ж-а жалпыга маалым кубулуштардын айкашкандыгында. Эгерде С-нүн бир түрү (жыныстык же ата-энелик С.) адам м-н айбанга тең орток биол. инстинктти өз ичине камтыса, экинчиси мад-ттын өнүгүшүнүн белгилүү бир деңгээлинде гана пайда болот (мис., идеяга берилгендик). Бирок энөнүн баласына, жигиттин колуктусуна (аркек м-н ургаачынын ортосундагы С. мамилеси кыргыз элинде махаббат деп да аталат), адамдын мекенине болгон С-сү психол. жактан айырмаланганы м-н маңызы б-ча бир.

Адам байыртан эле С-нүн сырын ачууга умтулуп, ар түркүн (кээде бири бирине кайчы келген) түшүндүрмөлөр берип, аны иск-вонун түбөлүк темасына айландырган. Маркстик философияда С. адам маңызын диалек.-матер. негизде түшүндүрүүнүн чегинде каралат. С.— адамга гана таандык. Анын биол. өбөлгөлөрү айбандарда бар. Бул түрдү улантууга ж-а сактоого байланышкан ата-энелик инстинктен көрүнөт. Коом тарыхы, эмгек, пикир алмашуу, иск-во мындай биол. инстинктти адамга гана таандык нравалык-эстетикалык сезимге айлантат. Социалдаштыруунун натыйжасында адам С-го ж-а өз сезимин каналтандырууга мүмкүндүк алат. Адамдын таржымалына, элдин үрп-адатына, коом түзүлүшүнө жараша С. кайталангыс белгилерге ээ болот. С-нүн өзгөчө мүнөзү — адамдын тандоо активдүүлүгүнө, өзүн өзү унутуудан, пайда көздөбөй берилгендиктен, сүйгөнүн идеалдаштыруудан көрүнөт. С-дө ан-сезимдүү мамиле м-н бирге бейаң (бессознательное) кубулуштар катышат. С. адамдын өзүн өзү таанып-билишинин, ички дүйнөсүнүн байышына түрткү болот. Ал коом түрмушунда да зор маанеге ээ (к. *Нике, Үй-бүлө*).

Лд.: Маркс К., Энгельс Ф., Из ранних произведений. М., 1956; Энгельс Ф., Үй-бүлөнүн, жеке менчиктин жана мамлекеттин келип чыгышы, Фр., 1970; Рюриков Ю., Три влечения, М., 1967; Табалдиев А., Сүйүүдөн турмуш жаралат, Фр., 1970.

СҮЛӨӨСҮН — жырткычтар түркүмүндөгү мышык сымалдар тукумунун 3 түрүнүн (кадимки С., камыш С-ү, ж-а чөл С-ү) жалпы аты. С-дүн кулагынын учунда узун кара кылдан чачысы болот. Кадимки С-дүн дене уз. 82—109 *см*, куйругу 20—24 *см*, салм. 8—19 *кг*. Өңү кызыл, куйкул же бозомтук келип, кара тактары бар. Буту узун, күчтүү, таманы жазы. Токой ж-а бадалдуу жерлерди мекенден, Европада, Түп. Америкада, Кичи, О. ж-а Борб. Азияда таралган. Камыш С-үнүн дене уз. 80 *см*, куйругу 30 *см*че, салм. 7—12 *кг*га жетет. Өңү кадимки С-гө окшош, бирок темгилсиз. Түп.-Чыгыш Африка, Түш.-Чыгыш Азияда, СССРде Волга, Каспийдин батыш жээктеринде, Аму-Дарыя, Сыр-Дарыя ж. б. суулардын боюнда, Кырг-ңда Чүй ороонүнүн батыш жактарында (сейрек) кездешет. Камыш, бадал, жекен ж-а өлөңдүү жээктерди мекендейт. Чөл С-үнүн




Кадимки сүлөөсүн.

дене уз. 85 *см*, салм. 8—12 *кг*га жетет. Кадимки С-гө түспөлдөш. Африка м-н Азиянын чөлдүү тоо этектеринде кездешет. О. Азияда сейрек. С. коргоого алынган. Териси баалуу.

СҮЛҮКТӨР (Hirudinea) — *мүчөк курттардын* классы. Денеси кара күрөң, жашыл же башка түстө болуп, көбүнчө жалпагыраак, кээде гана цилиндр түрүндө болот. Булчуңдары жакшы өөрчүгөн. Көчүлүк С. омурткалуу ж-а омурткасыздардын каны, дене массасын сорушат. Кан соруучу С-дүн шилекей бездери канды уютпоочу касиети бар затты (гирудин) бөлүп чыгарат. С. тузсуз сууда, кээси нымдуу жерде жашайт. Суудагы зат алмашууда чоң роль ойнойт. Мед. С. ж-а башка кээ бир түрлөрү ооруларды дарылоодо колдонулат. С-дүн 400дөй түрү белгилүү; СССРде 60ка жакын түрү бар.

СҮЛҮКТУ — Кыргыз ССРинин Ош обл-ндагы шаар (1940-жылдан). Карамагына Восточный (Кок-Булак) ш. т. посёлка кирет. Шаар Түркстан кыркасынын түн. капталында, деңиз деңг. 1380 *м* бийикте жайгашкан. Т. ж. станциясы. Климаты континенттик. Январдын орт. темп-расы —3,2°С, июлдуку 21,9°С. Жылдык жаан-чачыны 288 *мм*. Ош ш-нан 350 *км* батыш тарапта. Шаарда кыргыз, орус, тажик, өзбек, татар ж. б. улуттар жашайт. С. күрөң көмүр бассейнин өздөштүрүүнүн негизинде пайда болгон. Кенге биринчи болуп падыша армиясынын полковниги Фабицкий шахта курдурган (1868). 1871-ж. шахта Кокон кандыгы тарабынан орттолуп, көмүр казуу токтотулган. 1895-ж. шахта кайра иштетиле баштаган. Россиянын борб. райондорунан кенге бир нече революционер-шахтёр сүргүнгө келишкен. Ошондон кийин С-дө рев-ялык жашырын уюмдар пайда болгон. Улуу Окт. соц. рев-ясы жеңгенден 4 күндөн кийин О. Азияда 1-болуп С-дө бийлик Жумушчу депутаттар советинин колуна өткөн. 1918—22-ж. шахтёрлор ак гвардиячылар м-н басмачыларга каршы күрөшкөн. Азыр С. ө. ж. өнүккөн шаарга айланды. Анда көмүр кен башкармасы, кирпич, сүт ж-а нан з-ддору, үй тиричилик ж-а эт комбинаттары, кийим тигүү ф-касы ж-а басмакана иштейт. 1979—80-окуу жылында шаарда 5 орто, 1 башталгыч мектеп, 1 мектеп-интернат, кесипчилик тех. окуу жайларынын филиалдары бар. Балдардын муз. ж-а спорттук мектептери, мад-т үйү, тарых ж-а край таануу музейлери, 3 кинотеатр, 2 поликлиника, 3 медпункт, 1 төрөт үйү ж-а аптекалар бар.

Лд.: Ибраев М., Галкин А., Сулюкта — город шахтёров, Фр., 1975.



Сүлүктү ш-нын көчөлөрүнүн бири.

СҮЛҮКТҮ АКИ ТАШ КЕНДЕРИНИН ТОБУ — Ош обл-ндагы аки таш кендери жайгашкан жер. Сүлүктү ш-нын аймагында, Түркстан кырка тоосунун түн. этегинде жайгашкан. Аймакта Сүлүктү I, Сүлүктү II, Сүлүктү III деген аки таштын кендери бар. Аларды «Средазуглеразведка» трести (1949), «Средазгеология» трести (1939), Өзбек ССР геол. башкармасы (1947), Кыргыз ССР геол. башкармасы (1939, 1952—53, 1969) изилдеп, геол. чалгындоо жумуштарын жүргүзгөн. Кен аймагын силурдун кумдук, слапец, аки таш, конгломерат теги түзөт. Пайдалуу катмар — аки таштын өңү агыш боз, темгилдүү. Калың. 20—30 *м*, уз. 2,5 *км*ге чейин (Сүлүктү II). Салышт. салм. 2,77—2,8; тыгыздыгы 2720—2770 *кг/м*³ (Сүлүктү I); кысымга каршылык көрсөтүүсү: 490,78—

952,32 *кг/см²* (Сүлүктү I); 1310—1917 *кг/см²* (Сүлүктү III); суукка чыдамдуулугу 1223—1532. Хим. составы: CaO (54,47—55,38%); MgO (0,48—0,79%); CuO (0,86—2,75%); R_2O_5 (0,28—0,68%), башка бирикмелер 41,79—43,58%ке чейин. Кендердеги аки таш тегин цемент даярдоого ж-а айнек жасоого кошунду катары пайдаланса болот. Запасы мол.

СҮЛҮКТҮ ГЛИЕЖ КЕНИ—Ош обл-ндагы глиеж чопосу жаткан жер. Түркстан кырка тоосунун түн. этегинде, Сүлүктү ш-ныи жанында. Бул жерде бир бирине анчалык алыс эмес жайгашкан 3 участка (Коросон, Бел-Алма, Орто-Туз) бар. Кен 1930-жылдан *(Сүлүктү күрөң көмүр кенинде* геол. чалгындоо жумуштары жүргүзүле баштагандан) белгилүү. Кыргыз ССР геол. башкармасы чалгындоо жумуштарын жүргүзгөн (1956). Кен аймагында юра мезгилинде пайда болгон көмүрлүү чокмо тоо тек катмарлары жатат. Кен жер астында табигый өрттөнгөн көмүр м-н байланышта болуп, конгломерат, гравелит, кумдук ж-а чопонун күйген катмарларынан турат. Глиеж катмарлары 200—300 *м*ге чейинки терендикте кезигет: уз. 4—6 *км*, туурасы 6—50 *м*. Хим. составы: SiO_2 (58,8—91,7%), Fe_2O_3 (0,9—16,5%), Al_2O_3 (0,6—25%), башкалары 0,8—9,0%. Глиежди портланд цементке ж-а бетонго аралаштыра турган кошунду катары пайдалануута болот. Запасы 26 млн *т*. Карьер түрүндө казып алууга мүмкүндүк бар. Кен азырынча казылбайт.

СҮЛҮКТҮ ЖУМУШЧУ ДЕПУТАТТАРЫНЫН СОВЕТИ 1917-ж. 16-мартта Сүлүктү тоо-кен ө. ж. жумушчу-большевиктери тарабынан уюштурулган. Совет ишкана эзелерине каршы тоо-кен ө. ж. жумушчуларынын күрөшүнө жетекчилик кылган. Аны З. Кадыров, Д. Деканов, В. Галиев өңдүү большевик-шахтёрлор башкарган. Анын ишине Хожент ж-а Самаркан большевиктери көмөк көрсөткөн. 1917-ж. сент.— октябрда советтеги жетекчилик большевиктердин колуна өткөн. Петроград м-н Ташкенде Окт. рев-ясынын жеңишинен кийин анын иши өзгөчө активдешип, 1917-ж. 11-ноябрда бийликти өз колуна алган. Совет Кырг-ндын түштүгүндө Совет бийлигин орнотууда ж-а чыдоодо маанилүү роль ойногон.

Ад.: Зима А. Г., Победа Октябрьской революции в Киргизии, Фр., 1966.

СҮЛҮКТҮ КВАРЦТУУ КУМ КЕНДЕРИНИН ТОБУ — Ош обл-ндагы кварцтуу кум кендери жайгашкан жер. Лейлек р-нунда, Түркстан кырка тоосунун түн. этегинде, Сүлүктү ш-ныи айланасында жайгашкан. Аймакта кумдун Сүлүктү I, Сүлүктү II, Сүлүктү IV деген кендери белгилүү. Кендерди «Средазгеология» трести (1936), Өзбек ССР геол. башкармасы (1936) чалгындап, запасын эсептеген. Кен аймагы юра, бор ж-а антропоген мезгилдеринин чокмо тоо тектеринен түзүлгөн. Алар татаал бүктөлүүлөргө дуушарланып, негизинен конгломерат, гравелит, кумдук, мергель, кум ж-а чопонун кабаттарынан турат. Пайдалуу кен катмарлары бор мезгилинде пайда болгон чокмо тоо тектердин арасында, антиклиналдык бүктөлүүлөрдүн канаттарында сыртка чыгып жатат. Кендердеги кумдардын өңү ак, негизинен майда бүртүкчөлүү, борпоң. Эң узуну 3 *км*ден ашык, калың. 37, 26—47, 12, 5 *м*. Орт. салышт. салм. 1,41—1,47. Хим. составынын 93,12% SiO_2; 3,36% Al_2O_3; 0,14% Fe_2O_3; 0,11% FeO_3; 0,36% CaO; 0,39% MgO; 1,97% K_2O+Na_2O; 0,79% ж. б. түзөт. Кенди цементке кошумча катары ж-а курулуш материалдарына пайдаланса болот. Минералдык анализ б-ча Сүлүктү II кенинде 0,25—0,1 фракциянын 18% кварц, 11,5% талаа шпаты, 4% слюда, 8% кремень (опал, халцедон). Ошондуктан мындагы кум айнек даярдоого жарамдуу. Бардык кенди ачык казын алууга болот. Мол запастуу. Кен азырынча пайдаланылбайт (1978).

СҮЛҮКТҮ КҮРӨҢ КӨМҮР КЕНИ — Ош обл-ныи Лейлек р-нундагы көмүр чыгуучу жер. Түркстан кырка тоосунун түн. этегинде. Кендин геол. маалыматтарын алгачкы ирет 1903-ж. В. Н. Вебер, М. М. Бронников ж. б. беришкен. Геол. чалгындоо жумуштары 1926, 1931—38-ж. «Средазуглегеология» трести, кийин Кыргыз ССР геол. башкармасы тарабынан жүргүзүлүп, запасы эсептелген. Кен бир бирине көп алыс эмес аралыктагы Батыш, Көш-Булак, Хоросонсай ж-а Көкүнөсай участкаларына бөлүнөт. Алар *Түштүк Фергана көмүрлүү райондун* батыш четинде жайгашып, кошумча бүктөлүштөр ж-а жылышуулар м-н татаалданган сүлүктү депрессиясын түзөт. Кен аймагында трпас—юра мезгилдеринде пайда болгон гравелит, кумдук, алевролит, көмүрлүү сланец ж-а көмүрдүн катмарлары жайгашкан (к. *Сүлүктү свитасы*). Көмүрлүү тоо тек катмарында көмүрдүн пайдалуу 9 кабаты бар. Алардын калың. 0,6—9,4 *м*. Уз. 22 *км*ге созулат. Көмүр күрөң, бир өңчөй, аз күлдүү (12,7%), жылуулук берүү энергиясы эң жогору (6850—7100 *ккал/кг*). Кендин баланстык запасы 217,9 млн *т* (1968). Көмүр жер астынан казып алынып, О. Азиянын ө. ж. тармактарын камсыз кылат.

Ад.: Станкевич Ю. В., Копылов В. В., Копаев В. А., Месторождение Сулюкта, в кн.: Геология месторождений угля и горючих сланцев СССР, т. 6, М., 1968.

СҮЛҮКТҮ СВИТАСЫ — Фергана депрессиясынын аймагындагы юра мезгилинде пайда болгон тоо тек катмарлары. Сүлүктү, Шураб, Риштан, Абшыр-Сай өрөөндөрүндө кеңири таралган. Свитаны М. И. Брик (1953) өзүнчө бөлүп, Сүлүктү өрөөнүнүн аты м-н атаган. Негизинен конгломерат, гравелит, кумдук ж-а таш көмүр катмарынан (к. *Сүлүктү күрөң көмүр кени)* турат. Калың. 200—250 *м*. Свитанын Кырг-ндагы көмүр кендерин изилдөөдө мааниси чоң.

СҮМБӨ—атылма куралдардын пайдынын ичин тазалоодо, майлоодо ж-а көөп калган жезин чыгарууда, алгачкы мылтыктарды (бараң) дүрмөттөөдө колдонулчу курал. С. алгачкы мылтыктар м-н бирге 14-к-да пайда болгон. Ал пайдын көңдөйүнө ылайык жоондукта жыгачтан, темирден жасалат. С. бардык атылма куралдарда (мылтык, автомат, замбирек) азыр деле кеңири колдонулат. Пайдын ичине бош батчу майда чыныдан жасалган (эки учуна темир же коргошун бекитилген) С-нүн өзгөчө түрү тарткы деп аталат. Ал пайдын бир жагынан киргизилип, 2-жагынан тартып алып пайдаланылат. С-нүн бул түрү алып жүрүүгө өтө ыңгайлуу.

СҮҢГӨТ — кээ бир элдерде балдардын (3, 5, 7 жаш курагында) жыныс мүчөсүнүн уч терисин чыгып коюу кырымы. С. ж-дө Куран ж. б. диний китептерде эч нерсе айтылбаган. Бирок, башка мусулман өлкөлөрүндөй эле, кыргыз жергесинде да тараган. С.— кырым-жырым мүнөзүндөгү диний түшүнүк.

СҮР — узак убакыт сактоо максатында туздалып кургатылган эт. Эт жиликтелип, борчолонуп туздалат. Туз сиңгиче эт союлган малдын терисине оролуп коюлат. Анан ала баканга же боз үйдүн керегесинен аркы-терки өткөрүлгөн бакандарга илинет да, коломтого от жагылып, түтүн м-н ысталат (к. *Ысытоо*). Ошондо эттин сүрү 10—15 күндө жетилет. Адатта, согумдук мал кеч күздө союлат. Сүрүлгөн эт өзгөчө даамдуу, жыттуу, жегиликтүү келет. Эт сүрсүтүү жыл мезгилдеринин өзгөчөлүгүнө, эттеи кышкы азыкты даярдоо зарылчылыгына байланыштуу кочмон мал чарбачылык мезгилинде пайда болсо керек. «Манас» ж. б. эпостордогу маалыматтар муну ырастайт.

СҮРГҮЧ-ЖОНГУЧ СТАНОК — 1) горизонталь, вертикаль ж-а жантык беттерди жонгуч кескичи м-н иштетүүчү металл жонгуч станок. Ал түрасынан жонгуч ж-а узата жонгуч станок болуп айырмаланат. С.-ж. с-туп негизги кыймылы—алга артка жылма туз сызыктуу кыймыл. Туурасынан жонгуч станокто кыймыл суппортко бекитилген кескичке, узата жонгуч станокто тегик бекитилген столго (текчеге) бекирилет. Станок гидравликалык кыймыл бергич ж-а кривошип-кулисалык механизм м-н иштетилет. 2) Бетлуу механизм м-н иштетилет. Ал жылмакай, так өлчөмдө ж. б. иштетүүчү айланма кескичтүү (фрезалуу) жыгач иштетүү станогу. Ага рейсмус станогу, жыгач сүргүч станок ж. б. кирет.

СҮРӨТ — 1) нерсенин же кубулуштун дал өзүндөй чагылышынын жалпы түшүнүгү; 2) сүрөт өнөрүнүн чыгаларынын, к. *Картина.*


СҮРӨТ (рисунок) — графикалык ыкмалар (контурлуу сызык, штрих, темпил) аркылуу кол м-н тартылган чыгарма. Бул ыкмаларды түрдүүчө айкалыштыруу м-н С-түү пластикалуу моделдештирүүгө, *тон* ж-а *жарык шаюк* түшүрүүгө болот. С. бир же бир нече түстүү болот. С. сүрөт өнөрүнүн өнүккөн бир тармагы болуу м-н бирге анын көп түрү колдонмо өнөрүндө, ил. ж-а тех. тармактарда колдонулат. Тегиздиктеги көркөм сүрөт өнөрүнүн (графика, живопись, рельеф) негизи — С. Сүрөтчү үчүн болмушту чагылдырууда [натурадан тартуу, конгүгүү шилтемдери (набросок)] С-түн чоң мааниси бар. Тартуу ыкмасына, тема ж-а жанрына, техникасы ж-а аткарылуусуна жараша С. көп түргө бөлүнөт. Көмөкчү С-төр (шилтем, *эскиз, этюд)* да графикалык чыгарманын өзүнчө бир түрүнө жатат. С. калем, көмүр, бор, кисть, калем уч м-н кагазга (алгач папируска, ө. кылымда пергаментке) тартылат. С.— иск-вонун эң байыркы түрлөрүнүн бири. Ал байыркы коомдо жаралып, ө. кылымда Чыгышта (Япония, Кытай, Индия), *Кайра жаралуу* өнөрүндө *(Леонардо да Винчи, Рафаэль, Микеланжело, Дюрер)* өнүккөн. С. жанрына В. *ван Гог*, Ф. *Гойя*, Э. Дега, О. *Домье*, Э. *Делакруа*, П. *Пикассо*, Н. Пуссен, *Рембрандт*, Н. П. *Рубенс* ж. б. чоң үлүш кошкон. Белгилүү орус сүрөтчүлөрү: К. П. *Брюллов*, А. А. *Иванов*, И. Н. *Крамской*, И. Е. *Репин*, В. А. *Серов;* сов. сүрөтчүлөр: И. И. *Бродский*, Д. С. Моор, *Кукрыникстер*, И. М. *Тоидзе;* кыргыз совет сүрөтчүлөрү—С. *Чуйков*, Г. *Айтиев*, С. *Акылбеков* Л. А. *Ильина*, Ж. *Кожахматов*, А. *Усубалиев* ж. б.

Ад.: Сидоров А. А., Рисунок русских мастеров. (Вторая половина XIX века), М., 1960; Гращенков В. Н., Рисунок мастеров итальянского Возрождения, [М., 1963]; Флекель М. И., Великие мастера рисунка, М., 1974.

СҮРӨТ ӨНӨР МУЗЕЙИ А. С. Пушкин атн.— СССРдеги ири музейлердин бири. 1912-ж. (Москвада) ачылган. 19-к-дын ортосунда негизделген Москва ун-тинин «Асем өнөр кабинетинен» өсүп чыккан. Имараты (1842—1912, арх. Р. И. Клейн) адамдардын ж-а коомдук уюмдардын каражаты м-н курулган. Музейде Байыркы Египет иск-во эстеликтери, Батыш Европа живописинин баалуу түп нускалары, античный доордогу ваза, монета ж-а медалдар бар. Сов. мезгилде музейдин фонду мурунку Румянцев музейинин, Эрмитаждын, Третьяков гал-нын ж-а менчик коллекциялардан толукталган.

СҮРӨТ ӨНӨРҮ — *сүрөт, живопись, скульптура, графика, фото өнөрүн* биригтирген пластикалык өнөрдүн бөлүмү. Сүрөткө тартылбаган пластикалык өнөрдүн түрлөрүнөн айырмаланып, С. ө. болмуштун өзүнө дал келчү ачык образдар м-н чагылдырат. С. ө-нүн түрлөрүнүн өзгөчөлүгүнө жараша реалдуу дүйнөнүн көлөм, түс, кендик, о. эле предметтин материалдык формасы, жарык-аба чөйрөсү, кыймылды ж-а өзгөрүүнү сезүү өңдүү сапаты корсетүлөт. С. ө. көз м-н кабыл алынуучу перселерди гана эмес, окуялардын оорчүшүн, белгилүү фабуланы, кеңири баянды, динамикалык аракетти адамдын рухиисин, башкалар м-н болгон мамилесин, сүрөттөлүп жаткан абалдын эмоциялык ж-а психол. мазмунун, көп жактуу дүйнө чындыгынын жеке ж-а жалпы өзгөчөлүктөрүн ачат. Доордун маңызы, актуалдуу саясий, филос., эстетикалык, этикалык идеялар анын мазмунун түзөт. С. ө. дүйнө таанууиун бир формасы катары коомдук процесстерди баалап, эстетикалык ж-а идеялык тарбиялоонун кубаттуу куралы болуп эсептелет. С. ө. коомдогу белгилүү тапгын, социалдык түзүлүштүн кызыкчылыгын көздөгөн өзгөчөлүккө да ээ.

СҮРӨТ ЧОҢОЙТКУЧ — негативге караганда бир нече эсе чоңойтулган позитив алына турган проекциялык оптикалуу прибор. Анын негизги бөлүктөрү: жарык бергич, проекциялык түзүлүш ж-а экран. Булар өз ара штанга, рельс ж-а станина аркылуу бириктирилет. С. ч. вертикаль ж-а горизонталь (оптикалык огу горизонталь) түрдө болушу мүмкүн. Булардын ичинен сүрөттү 10 эсе чоңойто



Вертикаль сүрөт чоңойткуч: *1—5* — жарык бергич бөлүгү; *9—10* — проекциялык бөлүгү; *1*— жарык булагы; *2* — жарык булагынын абалын жөнгө салгыч; *3*— фонарь; *4*— негативди бир калыпта жарык кыла турган күүрт айнек; *5*—жарык бергич бөлүгү — проекциялык бөлүккө бекитилге турган тегик; *6*—штанга; *7*—жарык бергич штангада жылып жүрүндөй бекитилге турган бурама; *8* — экран; *9* — сүрөттү так даана көрсөтө турган түзүлүштүү объектив; *10* — негатив коюлма рамка.

турган вертикаль С. ч. кеңири таралган. Сүрөттү андан да көбүрөөк (10 эседен ашык) чоңойтуу үчүн горизонталь С. ч-тар колдонулат.

СҮТ — адам ж-а эмүүчү жаныбарлардын эмчектеринен лактация мезгилинде ишгелип чыгуучу суюктук; бала же жаш мал үчүн аш болумдуу физиол. азык. Төрөттөн жө түүттан кийинки алгачкы күндөрдө *ууз* болуп чыгат да, бир нече күндөн кийин акырындык м-н кадимки сүтко айланат. Эне сүтүнүн калорийлуулугу 65—70 ккал (100 *гда*), pH=6,9—7,5, ныктыгы 1,030—1,032 *г/см³*. Составында 87,4% суу, 0,91% казеин, 1,23% альбумин м-н глобулин, 3,76% май, 6,29% сүт канты; о. эле В, А, С ж-а Д витаминдери, минерал туздар ж. б. бар.

Мал сүтү — баалуу азык-түлүк. Ал байыркы заманда эле пайдаланылган. Сүттүн составында организм, айрыкча балдар үчүн эң керектүү заттардын оптималдуу катышта болушу аны алмаштырылгыс азык кылат. Малдын сүтүнүн хим. составы ж-а калорийлуулугу (% м-н):

Сүт түрү	Курган зат	Май	Белок		Сүт канты	Минерал зат	Калорийлуулугу (100 граммдагы килокалория)
			казеин	глобулин ж-а альбумин			
Уй С.	13,0	3,9	2,7	0,5	4,7	0,7	69
Топоз С.	17,8	6,8	3,6	0,7	5,0	0,9	104
Бээ С.	10,7	1,8	1,2	0,9	6,4	0,3	52
Төө С.	13,6	4,5	2,6	0,9	4,9	0,7	76
Кой С.	18,5	7,2	4,5	1,2	4,6	0,9	109
Эчки С.	13,4	4,3	3,0	0,6	4,5	0,8	73

Булардан уй С. кеңири керектелет. Сүт белогу негизинен казеин, лактоальбумин ж-а лактоглобулинден турат. Сүт белогунда жашоого керектүү, организмде синтезделбөөчү *аминокислоталардын* бардыгы болот. С. майында фосфолипиддер, микроэлементтердин сейрек комплекстери бар. Сүттөгү май бүртүгү үстүнө калкып чыгып, каймак пайда кылат. Сүттөгү углевод-лактоза же С. канты деп аталып, сүттө гана учурайт. Ал сүт к-тасын ж. б. пайда кылуу м-н түрдүүчө ж-а оңой ачыйт. Бул процесс сүт кычкыл азыктарын, быштак, сүзмө, сыр, кымыз жасоо технологиясында пайдаланылат. Сүттөгү минерал заттар орг. ж-а орг. эмес к-талардын туздары катары кездешет. Анда Ca, P, Na, K, Mg ж. б. бар. Са ж-а Р көбүрөөк. Сүттө Zn, Co, Cu, Mn, Fe, I сыяктуу микроэлементтер, лактоза, протеаза, липаза, амилаза, каталаза өндөнгөн 60тан ашык фермент болот. Бул ферменттер тамакты жакшы сиңирүүдө ж-а С. азыктарын даярдоодо маанилүү. Мындан тышкары сүттүн составында гормондор, иммун заттары, газдар ж-а микроорганизмдер кездешет. Жаңы сүттө бактерилга каршы заттар (лактенин) болуп, алар сүттөгү микроорганизмдердин өөрчүшүн 2—3 саат токтотуп турат. Ошондуктан жаңы сүт дароо 8°Сге чейин муздатылса, 2 күн дурус сакталат. Сүттөгү микроорганизмдер пастерлөө, стерилдөө аркылуу жоготулат. Мал сүтүн саан алуу б-ча Сов. Союзу дүйнөдө 1-орунда. СССРдин эл чарбасын өнүктүрүүнүн негизги багыттарында өлкөдө жыл сайын орт. 94—

96 млн т сүт саалмакчы. 1978-жылы Кыргызда 641 миң тоннадан ашык сүт саалды. Сүт саап алуу негизинен адистештирилген өндүрүштүк фермаларда ж-а чарбаларда, комплекстерде уюштурулган.

Ад.: Давидов Р. Б., Молоко и молочное дело, 4 изд., М., 1973.

СҮТ АЗЫКТАРЫ — тамак-аш азыктарынын сүттөн даярдалуучу чоң тобу. Сүттөн түрдүү азыктарды даярдоо — аны сактоо мөөнөтүн узартуу ж-а составындагы аш болумдуу заттарды сактоо (мис., кыргыздарда курут, эжигей) илгертен эле белгилүү болгон. Сүт өз ж-да азыркы каймак, сүт кычкыл азыктар (айран, кефир, бышпак, сыр), жууган май, сары май, сүт консервалары (коюлтулган, кургатылган сүт, каймак, балдар үчүн кургак сүт аралашмалары) ж. б. сүт азыктары чыгарылууда. Кыргызда улуттук С. а.— сүзмө, кымыз, Арашан, Чүй сырлары ж. б. жасалат. С. а. май, белок, витаминдер ж-а углеводдордон туруп, алар организмде оной сиңет. Кийинки мезгилде майы аз С. а. (айран, сүзмө ж. б.) чыгаруу көбөйүүдө. Көп С. а-нда пайда болуучу сүт к-тасы чирүү процессине тоскоолдук кылат. Мис., С. а. айрым ич ооруларын дарылоодо колдонулат. Кымыз антибиотик затты иштеп чыгарып, учук таякчаларынын өсүшүн токтотот.

СҮТ АРАЛАШМАЛАРЫ — эмчектеги балдарды кошумча тамактандырууда же тежемел багууда берилүүчү мал сүтүнөн даярдалган тамак-аш. С. а. жоюкой, кычкыл ж-а татаал (калориялуу) болуп болүнөт. **Жоюкой С. а.**— сүтко кайнаган суу же крупалардын (күрүч, сулу ж. б.) кайнатмасы, **кычкыл С. а.** көбүнчө кефирге крупалардын кайнатмасы кошулуп жасалат. Үйдө даярдап берүү үчүн **кургак С. а.** (мис., «Малютка», «Малыш») чыгарылат. Калориялуу С. а. азыр колдонулбайт. С. а-нын составында *витаминдер*, темир глицерофосфаты, *углеводдор* ж. б. бар. Алар диатез, гипотрофия, диспепсия м-н ооруган баланы кошумча тамактандырууучун пайдаланылат.

СҮТ АШКАНАСЫ СССРде — тежемел багууда, эмчектеги балдарды кошумча тамактандырууда ж-а 3 жашка чейинки оорулуу балдарга берүү үчүн *сүт аралашмаларын* ж-а сүт продуктуларын даярдоочу мекеме. С. а. балдар поликлиникасынын комплексине кирет, о. эле колхоз-совхоздордо да өзүнчө уюштурулат. С. а-нда таркатуучу пункт уюштурулуп, даярдалган тамактар балдар врачынын көрсөтмөсү б-ча берилет. О. эле анда бир жашка чейинки тежемел ж-а оорукчан балдарга эмчек (эне) сүтү таркатылат. С. а. жаш балдардын тамактануусунун туура уюштурулушун камсыз кылат ж-а аларды ооруулардан сактоого обөлгө түзөт.

СҮТ КИСЛОТАСЫ, α-оксипропион кислотасы, $CH_3CH(OH)COOH$ — бир негиздүү оксикарбон к-тасы. Түссүз кристалл, суууда, орг. эриткичтерде жакшы эрийт. Микроорганизм, өсүмдүк ж-а жаныбарлардын зат алмашуусундагы негизги аралык продукт. Анын оптикалык активдүү ж-а активдүү эмес формасы бар. *Карбон кислоталары* сыяктуу туздарды, эфирлерди пайда кылат. С. к. түрдүү канттуу заттарда сүт кычкыл ачуу процессинде пайда болот (мис., сүт ичегинде, жашылча туздаганда, тоют силостогондо). Сырбоёк, тери, тамак-аш өндүрүшүндө ж-а медицинада колдонулат.

СҮТКОР КАПИТАЛЫ — капитализмге чейинки формацияларга мүнөздүү туума пайда түшүүчү капитал формасы. Алгачкы жамаат коому ыдыроо мезгилинде чыккан. С. к-нын башкы белгиси — акчанын карыздакорго *капитал* претинде эмес, толоо ж-а соода-сатык каражаты катары берилиши. Туума деңгээли түрдүү өлкөдө ар кандай келип, ондогон, жүздөгөн процентке чейин жеткен. Мис., Байыркы Грецияда айына 48%, кээде жылдык карыздан 570%тен ашык акы төлөнүп турган.

С. к. өз өндүрүш ыгын түзө албайт. Ал *ссуда капиталынан* мурда чыгып, капитализмде кредит ж-а капитал формасы катары жүрөт. С. к. Азиянын, Африканын ж-а Латын Америкасынын өнүгүүдөгү өлкөлөрүндө кедей дыйкандарды, кол өнөрчү эмгекчилерди эзүүчүн негизи болуп саналат. Ал, асыресе, Индия, Пакистан, Индонезия ж. б. өлкөлөрдө өкүм сүрүүдө. Ички рынок м-н товар-акча мамилесинин жетиңсиз өнүгүшү, кредит системасынын начарлыгы, чарбанын майда товар формаларынын басымдуулук кылышы С. к-нын сакталышына шарт түзүүдө.

Ад.: Ленин В. И., Россияда капитализмдин өнүгүшү. Чыг., кырг. 1-бас., 3-т.; Медовой А., Банки и кредит развивающихся стран, М., 1974.

СҮТКОРЛУК — өзүүчү коомдо эң жог. процент м-н акчалай ссуда берүү. Бул ссуда капитал катары колдонулбай, сатып алуу ж-а толоо каражаты катары керектелет. С. байыркы коомдо эле пайда болгон. Кыргызда да сүткор бай-манаптар пайда тууларуу шарты м-н малын, акчасын ж. б-ды карыз берип, кедей дыйкандарды эзип келген.

СҮТ КЫЧКЫЛ БАКТЕРИЯЛАР (Lactobacterium)—углеводдорду негизинен *сүт кислотасын* пайда кылуу м-н ачытуучу анаэробдуу бактериялар тобу. Спорасыз, кыймылсыз тоголоктуу ж-а таякча түрүндө болот. Өсүмдүк калдыгында, тамыр жайгашкан топуракта, адам ж-а жаныбарлардын ичегилеринде кездешет. Сүттүн кадимки микрофлорасын түзүп, анда тез өсөт. Кычкыл сүт азыктарын даярдоо, тоюттарды силостоо, сүт к-тасын өндүрүштө алуу С. к. б-дын ачытуусуна негизделген.

СҮТ ОПОР ЖАНЫ — сүттөн түрдүү сүт азык иштеп чыгаруучу ишканаларды бириктирүүчү ө. ж. тармагы. С. о. ж-на сүт азык (сүт, каймак, бышпак, айран ж. б.), сүт консерва, бал муздак ж-а казеин чыгаруучу, май, сыр даярдоочу ишканалар кирет. Рев-яга чейин өлкөдө сүт азык жонокой ык м-н даярдалган. СССРде С. о. ж. 1930-жылдан өнүгө баштаган. Алгач Москва, Ленинград, Сочи, Свердловск, Куйбышев ж. б. ш-да техниканын жаңы түрлөрү м-н жабдылган ири сүт комбинаттары курулган. 1976-ж. СССРде 2500дөн ашуун С. о. ж. ишканасынын 54ү сүттөн консерва жасоочу ишкана болгон. СССРде сүт азыктарынын 250дөй түрү чыгарылат. Сүт м-н мал майын өндүрүүнүн дүң көлөмү ж-а сүттү о. ж-да иштеп чыгаруу б-ча СССР дүйнөдө 1-орунда (1976). Кыргызда С. о. ж. Совет бийлиги мезгилинде өнүктү. 1930—40-жылдарда респ-када май чыгаруучу 16, сыр чыгаруучу 16 ж-а шаардык бир сүт з-ду болсо, 1979-ж. 6 ири сүт комбинаты, 17 май ж-а сыр, 1 кургак сүт з-ду, 94 сепараторлоо бөлүмү иштеген, к. *Тамак-аш өнөр жайы.*

СҮТ ТАЗАЛАГЫЧ — сүттү ар кыл мех. кошундудан арылтуучу чынка. С. т. сүт саагыч установкадагы сүт түтүгүнө орнотулат. Негизги тетиги — чыпкалоочу элемент. Сүт тор каркаска киргизилме флапелден өткөндө андагы мех. кошундулар чыпкада калат. С. т. оңой чечилип, флапель чыпкасы жуун тазаланат же алмаштырылат. Ө. ж-да көбүнчө өзгөчө түзүлүштөгү (табактары кичине, көзөнөксүз) барабандуу С. т. *сепаратор* колдонулат.

СҮТ ТИКЕН, салат (Lactuca sativa) — өсүмдүктөрдүн татаал гүлдүүлөр тукумундагы уруусу. Бир, эки ж-а көп жылдык чөп, кээде чала бадал. Майда себеттери шыпыргы сымал топ гүлгө чогулган. Мөмөсү — урукча. Африка ж-а Евразияда 100. СССРде 20 (Кырг-ында 8) түрү бар. Сары гүлү күн ачыкта түштүктү карап тургандыктан компас өсүмдүктөрүнө кирет. Көз бирлеринин абала катуучу сүт ширеси — лактукарийи болот.

СҮТТҮН МАЙЛУУЛУГУ — сүттөгү майдын өлчөмү; сүттүн сапатын аныктоочу көрсөткүчтөрдүн бири. Ал % м-н туюнтулат. Ар малдын сүтүнүн майлуулугу түрдүүчө. Мис., үйдун сүтүндө 3,9, эчкиникинде 4,3, койдукунда 7,2, чочконукунда 4,6, төөнүкүндө 4,5, жылкыныкында 1,8% май болот. Бир эле породадагы малда С. м. түрдүү зонанын өзгөчөлүктөрүнө жараша ар кыл келет. С. м. жаз м-н жайга караганда кыш ж-а күздө жогору. С. м-н арттыруу үчүн тоютта сиңимдүү углевод, кант, крахмал, белок, май, витаминдер жетиштүү болушу зарыл.

СҮТТҮҮ ӨСҮМДҮКТӨР (Euphorbiaceae) — өсүмдүктөрдүн эки улуттуулөр классындагы түкүмү. Дарак, бадал ж-а чөптөр. Денесинде сүттөй ширеси бар. Жалбырагы кезектешип же түш-

таш, кээде тегерек жайгашкан. Гүлү бир жыныстуу, машак же башча топ гүлгө чогулган, чанда жалгыздан. Мөмөсү — кутуча же сөөкчө сымал, айрым учурда ширелүү. 7 миңче түрү тропик, субтропик ж-а мелүүн алкактарда, көбү мелүүн, бир азы суук алкактарда өсөт. С. ч-дүн ичинен мөмөсү желчүлөрү, дары-дармек ж-а кооздук үчүн өстүрүлгөндөрү бар. Кырг-ында С. ч-дүн 5 уруусу кирген 33 түрү өсөт.

СҮТ ЧЕНЕГИЧ — аз (20 *л*ге чейин) сүт, көк сүт, каймак өлчөгүч идиш. Ал калайдан же жумшак болоттон чака сымал жасалат. Анын сүт куюуга ыңгайлуу чоргосу, туткасы, сүт көлөмүн көрсөткүчү бар. Мындай С. ч. сүт фермада, май, бышпак жасоочу чакан ишканада колдонулат. Көп сүт атайын С. ч. тараза, көлөмү белгилүү цистерна ж-а автомат С. ч. м-н өлчөлөт. Кырг-ндын сүт ө. ж-нда көбүнчө СМИ-250, СМИ-500 ж. б. өлчөгүч урунулат.

СҮТ ЭМҮҮЧҮЛӨР (Mammalia) — хордалуулар типиндеги татаал түзүлүштүү жаныбарлар классы. Аларга баш сөөгү 1-моюн омурткасы м-н 2 каргыш аркылуу бириккен мүнөздүү. Тиштери, кол-буттары, тери түктөрү өөрчүгөн, дене темп-расы туруктуу. Жүрөгү 4 камералуу, кан туташ түюк система б-ча айланат. (к. *Кандын айлануусу*). *Эритроциттери* жалпак, тегерек, ядросуз. Үлүү органы ички, ортоңку, сыртқы кулактан туруп, көпчүлүгүнүн кулак калканы жакшы өөрчүгөн. Ооз ж-а мурун көңдөйү экинчи таңдай м-н ажыраң, мурун көңдөйүндө жыт алуучу татаал эпителийлүү сөөк ж-а кемирчектер жайгашкан. Тиштери альвеол чоңоктөрүнө бекип, кашка, кылкыйма тиштер, алдыңкы азуу ж-а азуу тиштерге бөлүнөт. Ичеги ж-а зааражыныс жолдору сыртка өзүнчө айрым чыгат, клоакасы жок (к. *Жумуртка туучу сүт эмүүчүлөр*); моюн омурткалары жетөө. Көпчүлүгүнүн буттары беш манжалуу, сыңар туяктууларда бирөө калган, түлөн м-н китте сүзгүчкө, жарганатта канатка айланган. Денесинин көөдөнү м-н курсак бөлүгүн боор эт (диафрагма) ажыратып турат. Мээ жарым шарлары өөрчүгөн. Териси жакшы жетилген бириктиргич ткань катмардан ж-а эпидермистен турат. Денеде жайгашкан тери бездери денедеги жылуулукту, зат алмашууну жөнгө салып турат, о. эле ар кыл белгилерди (мис., издин жыты; жашаган аймакты белгилеп, башкаларды жолотпоо; жыныстык жуптарын издеп табуу; заардуу жыт чачып, өздөрүн коргоо) түюуда мааниси чоң. Сүт бездери булар үчүн өтө маанилүү; ургаачысы жетилген тирүү балдарын тууйт да, аларды сүтү м-н багат. Клоакалуулар гана жумуртка тууйт. С. э-дүн боюз мезгили 16—18 суткадан (майда чычкандар) 22 айга чейин (пил) созулат. Майда кемирүүчүлөр жылына бир нече жолу төлдөсө, ири С. э. жылына бир, көз бирлери 1—3 жылда 1 жолу тууйт. Айрымдары тиричилигинде жыл мезгилине карай башка ареалга (жер которууга) аргасыз болот (к. *Айбанаттардын миграциясы*).

Азыркы мезгилде Жер шарында С. э-дүн 3500дөй, Кырг-нда 76дай түрү бар. Түрдүү шартта жашоого, мис., учуучу (жарганаттар, учуучу ит), жер алдында (сокур момолой, көр чычкан), сууда (кит сымалдар, деңиз уйлары) жерде-сууда жашоочулар (түлөндөр), бак-даракта кайып учуучу (учкуч тыйын чычкан, тери канат), катуу чуркоочу (сыцар ж-а ача туяктуулар, кемирүүчүлөр, көз бир маймылдар) ыңгайлашып, азыктанууусуна жараша эт жечүлөр (жыртқычтар), курт-кумурска жечүлөр (жарганаттар), ылгабай жечүлөр (кашкулак, аюу ж. б.) болуп бөлүнөт. С. э-дүн практикалык мааниси чоң. Алар жаныбарлар дүйнөсүнүн негизги тобун түзүп, эволюциянын түрдүү этабында адамдын тиричилигинде чоң роль ойногон. Мис., азыркы кездеги адам багып, пайдаланып жүргөн мал (жылкы, уй, кой ж. б.) жаңайы жаныбарлардан бакмалаштырылган (к. *Бакмалаштыруу*). С. э-гө көпчүлүк үй жаныбарлары кирет. С. э-дөн кымбат баалуу тери (суу күзөн, саз кушу, ак түлкү), эт, май, мүйүз алынат. Өтө баалуулардын коргоп, көбөйтүү максатында *коруктар*, элге көрсөтүү үчүн *зоологиялык парктар* уюштурулат. Көз бир кемирүүчүлөр оору таратат. С. э-гө ачылык кылуудан азыркы кезде 300чө түрү жок болуп кеткен, дагы 105тей түр жок болуу чегинде тургандыктан *(зебра, кундуз, керик, жираф, бөкөн, илбирс*, аркар ж. б.), аларга ачылык кылууга тыюу салынып, «кызыл китепке» жазылган. С. э. мындан 160—170 млн жыл мурда пайда болгон деп болжолдонот.

Ад.: Жизнь животных, т. 6, М., 1971; Млекопитающие Советского Союза, под ред. В. Г. Гептнера и Н. П. Наумова, т. 1—2 (ч. 1—2), М., 1961—72; Яныше вич А. И., Тарбинский Ю. С., Млекопитающие Киргизии, Фр., 1969.

СФАГНУМ (Sphagnum) — чым көң мамык чөбүнүн уруусу. Анын 320, СССРде 42 түрү бар. С. чым көңдүү сазда, кээде нымдуу токойдо өсөт. Сабагынын ж-а жалбырагынын көп өлүү клеткалары бар. Ал клеткалар суунү жакшы сиңирет. Сабагынын төмөн жагы өлүп, чым көңдү пайда кылат да, чоку бүчүрүнөн өсө берет. С. Түн. жарым шардын тундра ж-а токой зонасында, түштүктө бийик тоодо кездешет.

СФАЛЕРИТ (гр. Sphalerós — алдамчы), **цинк обманкасы** — сульчы), **цинк обманкасы** — сульфиддер классына кирүүчү минерал. Хим. формуласы ZnS. *Куб* ж-а гекс. сатетраэдр системасында кристалл-данат. Өңү күрөң, кара, чанда сары, кызгылтым; алмаз сымал жалтырайт. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 3,5—4,0; салышт. салм. 3,9—4,1. Гидротерм, о. эле чогундуу кендеринде галенит, пирит, халькопирит, арсенопирит, кварц ж. б. минералдар м-н бирге кезигет. Кычкылдануу зонасында цинк сульфатына ж-а смитсонитке өтөт. С.— цинктин негизги минералы.

СФЕН (гр. sphen — шыпаа сымал; кристаллынын шыпаа формасында болушуна байланыштуу), **титанит** — минерал. Хим. формуласы $CaTiO[SiO_4]$. Моноклин, ромб, кээде призма системасында кристалдаңат. Өңү сары, күрөң, жашыл, боз, кара, кызгылтым; алмаз сымал жалтырайт. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 5—6; салышт. салм. 3,3—3,6. Кошунду минерал катары интрузия ж-а жанар тоо тектеринде кезигет.

СФЕРА — бардык чекиттери боруунан бирдей аралыкта жайгашкан туюк бет. С-нын борбору анын кандайдыр бир чекити м-н туташтыруучу кесинди ж-а анын узундугу С-нын радиусу деп аталат. С. бетинин аянты $S=4\pi R^2$, мында R — радиус. С. м-н чектелген ж-а С-нын борборун оз ичине алган мейкиндиктин болүгүн шар дейбиз. Шардын көлөмү $V=4/3\pi R^3$. Аналит. геометрия б-ча 2-тартиптеги борб. бет. Анын теңдемеси $(x-a)^2+(y-b)^2+(z-c)^2=R^2$, мында a, b, c — С-нын борборунун координаталары. С-дагы геом. ж-а тригонометрия ж-дө к. *Сфералык геометрия, Сфералык тригонометрия.*


СФЕРАЛЫК АСТРОНОМИЯ — астрометриянын болүмү; жарык чыгаруучулардын (жылдыз, Күн, Ай, планеталар ж. б. асман телолору) асман сферасындагы кыймылын ж-а алардын көзгө көрүнгөн жайгашууларын изилдөөгө байланыштуу матем. методдорун иштеп чыгат. С. а-нын негизги түшүнүгү — *асман сферасы.* Мейкиндиктеги асман жарык чыгаруучуга багытталган ар бир багыт сферада чекит, ал эми тегиздикте чоң тегерек м-н суреттолот. Асман сферасы асман жарык чыгаруучулардын багытынын ортосундагы матем. катышты жөнөкөйлөтөт да, таталт мейкиндик түшүнүгү сфера бетиндеги жөнөкөй фигурага келтирилет. Чекиттердин асман сферасындагы кыймылын ж-а өз ара жайгашын үйрөнүү үчүн өзүнчө сферадагы координаталар системасы көрсөтүлөт. С. а-да горизонталь, эки экватор ж-а экліптикалык координаталар системасы колдонулат. Горизонталь ж-а экватор координаталарынын ортосундагы жалпы катыш асман жарык чыгаруучунун батуу ж-а чыгуу азимутун ж-а убакытын, алардын кульминация моментин, элонгациясын, жарык чыгаруучунун белгиленген убактагы абалын аныктоого мүмкүндүк берет. С. а-да убакытты өлчөө, прецессия ж-а нутация, параллакс, рефракция кубулушу, о. эле Күн ж-а Ай тутулуусу изилденет.

Ад.: Блажко С. Н., Курс сферической астрономии, 2 изд., М., 1954; Загребин Д. В., Введение в астрометрию, М.—Л., 1966.

СФЕРАЛЫК ГЕОМЕТРИЯ — планиметрия (тегиздиктеги геом. фигураларды изилдеген) сыяктуу сфералык беттеги геом. фигураларды изилдөөчү матем. тармак. Сфераның борбору аркылуу өткөн тегиздик м-н сфераның кесилишинен пайда болгон айлана чоң айлана деп аталат. Диаметрдик карама-каршы болбогон сфераның каалаган эки чекити аркылуу бир гана чоң айлана жүргүзүүгө болот. Сфераның чоң айланасы анын геодезиялык сызыгы деп аталат. С. г.— тегиздиктеги геометриядан башка геометрия, мис., С. г-да параллель эки чоң айлана болбойт. Эки чоң айлана дайыма эки чекитте (сфераның диаметрдик карама-каршы чекиттеринде) кесилишет. Чоң айланаңын жаасы чокусу сфераның борборуна болгон борб. бурч м-н ченелет. Чоң айлана сфераны эки аймакка, б. а. эки жарты сферага болөт. Эки чоң айлана сфераны тертко, ал эми бир чекитте кесилишпеген үч чоң айлана сфераны сегизге болөт. Жарым чоң айланалардын экөө м-н чектелген сфераның бөлүгү эки **бурчтук** деп аталат. Эки чоң айлананың кесилишинен сферада төрт сфералык эки бурчтук пайда болот. Сфералык эки бурчтуктун аянты $S=2R^2A$, мында R — сфераның радиусу, A — эки бурчтуктун радиан бурчу. Бир чекитте кесилишпеген үч чоң айланаңын жаалары м-н чектелген сфераның бөлүгү сфералык үч бурчтук деп аталат. Тик бурчтуу үч бурчтуктардын барабардыгынын үч касиетинен башка да сфералык үч бурчтуктар үчүн тиешелүү бурчтары б-ча барабардыгы коштулат. Сферада окшош үч бурчтуктар болбойт. Сфералык үч бурчтуктун жактарынын суммасы ар дайым 2πдөн кичине, ал эми бурчтарынын суммасы πдөн чоң. Сфералык үч бурчтуктун аянты $S=R^2\xi$, мында R— сфераның радиусу, $\xi=s-\pi$— сфералык үч бурчтуктун бурчтарынын суммасы.

Ад.: Степанов Н. Н., Сферическая тригонометрия, М., 1948; Энциклопедия элементарной математики, кн. 4, Геометрия, М., 1963.

СФЕРАЛЫК КООРДИНАТАЛАР чекиттин — геогр. кеңдик ж-а узундук м-н аныкталуучу сфера чекиттеринин координаталары. r, φ, ϑ сандары төмөнкүдөй аныкталат. Берилген



O чекити аркылуу өз ара перпендикуляр Ox, Oy, Oz окторун жүргүзөбүз. r саны OMге барабар (к. чийме). ϑ саны OM вектору м-н Oz огунун оң багытынын арасындагы бурч. φ саны Ox огун саат жебесинин кыймылына каршы $[ON]$ вектору м-н дал келгенге чейин буруудан пайда болгон бурч (N чекити M чекитинин xOy тегиздигине түшүрүлгөн проекциясы). M чекитинин С. к-ы O чекитин ж-а Ox, Oy, Oz октору тандап алууга көз каранды. С. к. математика, физика ж-а техникада колдонулат.

СФЕРАЛЫК ТРИГОНОМЕТРИЯ — сфералык үч бурчтуктун жактары м-н бурчтарынын арасындагы байланышты үйрөтүүчү матем. тармак. Эгер a, b, c сфералык үч бурчтуктун жактары, A, B, C — анын бурчтары болсо, анда алардын арасындагы байланыш төмөнкүдөй жазылат:

$$\frac{\sin a}{\sin A}=\frac{\sin b}{\sin B}=\frac{\sin c}{\sin C}, \quad (1)$$

$$\cos a=\cos b\cos c+\sin b\sin c\cos A, \quad (2)$$

$$\cos A=-\cos B\cos C+\sin B\sin C\cos a, \quad (2а)$$

$$\sin a\cos B=\cos b\sin c-\sin b\cos c\cos A, \quad (3)$$

$$\sin A\cos b=\cos B\sin C+\sin B\cos C\cos a; \quad (3а)$$

Тегеретин которуштуруу эрежеси б-ча сфералык үч бурчтуктун бурчтарын (жактарын) $A\to B\to C\to A$ ($a\to b\to c\to a$) болгондой кылып башкача белгилесек, анда С. т-нын жогорудагы формулаларга окшош башка формулаларын алабыз. С. т-нын бул формулалары сфералык үч бурчтуктун ар кандай үч элементи б-ча калган үч элементин табууга мүмкүндүк берет. С. т-нын формулаларын француз математиги Ф. Виет (16-к.) ж-а Л. Эйлер (18-к.) изилдешкен.

СФЕРАЛЫК УЧ БУРЧТУК — сферадагы кандайдыр бир үч чекитти түгөйлөш бириктирүүчү үч чоң тегеректин жаасынан пайда болгон геом. фигура. С. ү. б-тун касиеттери ж-а анын элементтеринин (бурчтары, жактары) өз ара катыштары ж-дө к. *Сфералык геометрия*, *Сфералык тригонометрия*.

СФЕРАЛЫК ФУНКЦИЯЛАР — сфералык бет м-н чектелген мейкиндиктеги физ. кубулуштарды изилдөөчү ж-а сфералык симметриялуу физ. маселелерди чыгарууда колдонулуучу атайын функциялар. С. ф.—сфералык координаталары бар (r, ϑ, φ) Лаплас теңдемелериндеги өзгөрмөлөрдү бөлүү кезинде алына турган

$$\left[\frac{\partial^2}{\partial\vartheta^2}+\operatorname{ctg}\vartheta\frac{\partial}{\partial\vartheta}+\frac{1}{\sin^2\vartheta}\cdot\frac{\partial^2}{\partial\varphi^2}+l(l+1)\right]Y(\vartheta,\varphi)=0$$

түрүндөгү дифференциал теңдеменин чыгарылышы. Бул теңдеменин жалпы чыгарылышы төмөнкүдөй:

$$Y_l(\vartheta,\varphi)=\sum_{m=-l}^{l}a_mY_l^m(\vartheta,\varphi)\equiv\sum_{m=l}^{l}a_mP_l^m(\cos\vartheta)\,e^{im\varphi},$$

мында a_m — туруктуу чоңдук, $P_l^m(\cos\vartheta)$ — l даражалуу ж-а m — тартиптеги Лежандрдын бириктирилген функциялары. Бул функциялар $P_l^m(x)=(1-x^2)^{m/2}\frac{d^m p_n}{dx^m}$ барабардыгы аркылуу аныкталат. P_n — Лежандр көп мүчөсү. С. ф-ды бирдик сфераның бетиндеги функция катары да аныктоого болот. С. ф-ын А. Лежандр м-н П. Лаплас 18-к-дын аягында киргизген.

СФЕРОЛИТ (гр. sphâira — шар ж-а lithos — таш) — ийне сымал минерал агрегаттарынан турган чачыранды нур түзүлүшүндөгү анчалык чоң эмес шарикче. Чокмо ж-а магма тоо тектеринде кезигет. С-тин минералдык составы ж-а көлөмү ар түрдүү. С. кычкыл лавадагы айнек сымал массанын суусунан консолидация жолу м-н пайда болот. Негиздүү лавада С-тин мындай жол м-н жаралышы **в а р и о л** деп аталат. Чокмо тектерде коллоиддик заттардын кристалданышынан карбонат, марганец-темир, фосфат С-тери кезигет.

СФЕРОМЕТР (гр. sphâira — шар ж-а metreo — ченейм) — ар кандай буюмдардын бетинин ийрилик радиусун ченөөчү оптикалык прибор; аны м-н борб. кесилиштин хордасы ж-а ага туура келүүчү жебе ченелет. 40 *мм*ден 40 *мге* чейинки ийрилик радиусун ченегенде каталык 0,02—0,5%тен ашпайт. С. оптикада, машина куруу-да колдонулат.

СФИНКС (гр. Sphinx) — 1) Байыркы Египетте — башы адам (адатта фараондун), тулкусу арстан кейпиндеги фантастикалык жаныбардын (падыша бийлигин элестеткен периптесактоочу) статуясы. Мис., Гиза ш-ндагы Хефрен пирамидасына жакын Чоң С. 2) Байыркы грек мифологиясында арстан тулкулуу канаттуу аял.



Фараон Хефрендин Гиздагы сфинкси. Ак таш. В. з. ч. 3-миң жылдыктын 1-жарымы. Байыркы падышачылык.

Фивы ш-нын кире беришинде турул: «Эртең менен төрт, түштө эки, кечинде үч буттан ким басат» — деген табышмакка жандырмак таппагандарды өлтүргөн. Эдип бул адам (бала кезинде, чоңойгондо, карыганда) экенин айтканда, аскадан боюн таштаган. Каймана мааниси С. табышмак, табышмактуу адам дегенди билдирет.

СФРАГИСТИКА (гр. sphragis — моор), **с и г и л л о г р а ф и я** (лат. sigillum — *моор* ж-а *...графия*) — тарых илимин моорлорду (штамптар — матрица ж-а алардын оттискаларын) изилдөөчү көмөкчү тармагы. С. 17-к-да негизделип, ал б-ча алгачкы эмгектер 18-к-да пайда болгон. С. геральдика ж-а *нумизматика* м-н байланыштуу. С-нын о. кылым тарыхын изилдөөдө мааниси чоң.

СХЕМА (гр. schema — сырткы түр, форма, очерк) — буюм даярдоодо негизги же жардамчы милдет аткаруучу элементтердин ж-а байланыш тизмектеринин жыйындысы; установка, прибор, түзүлүш, курулма, түйүн ж. б-дын иштеп мезгилиндеги процесстердин удаалаштыгын ж-а негизги принциптерин түшүндүрүүчү чийме. С. стандартка ылайык белгиленген масштабды сактабастан жөнөкөй геом. фигуралар, шарттуу графиктик белгилер м-н кагазга түшүрүлөт. С. электрдик, гидравликалык, пневматикалык ж-а кинематикалык болуп айырмаланат. Колдонулушуна жараша С-лар жалпы, принциптүү, функциялуу, структуралуу ж-а туташтыруунун, бириктирүүнүн, жайгаштыруунун С-сы болуп бөлүнөт.

СХЕМАТИЗМ (гр. schema — образ, түр дегенден) — 1) чагылдыруунун абстрактуулугу, жөнөкөйлүгү; 2) даяр схемалар м-н ойлоо.

СЦЕНАРИЙ, к. *Киподраматургия*.

СЦИЛЛА МЕНЕН ХАРИБДА, С к и л л а м е н е н Х а р и б д а — байыркы грек мифологиясында Италия м-н Сицилиянын ортосундагы тар деңиз кысыгынын эки тарабында жашап, деңиз аркылуу ары-бери өткөн жүргүнчүлөрдү кырсыкка учуратуучу укмуштуу жаныбарлар. Алты баштуу С. сүзүп бараткан кемедеги калакчыларды кармаган, ал эми Х. суунун кемеси м-н жуткан. Ушундан улам эки жактан тең коркунучка учураганда айтылчу «С. м. Х. ортосунда калуу» деген сөз чыккан.

СЦИНТИЛЛЯТОР — иондоштуруучу нурлануунун таасири м-н жарыктын жылт этүүсүн, б. а. сцинтилляцияны пайда кылган *люминофорлор*. Көптөгөн кристалл-фосфорлор (мис., ZnS, NaI), орг. кристаллдар (мис., антрацен, стильбен), пластмассанын эритмелери, инерттүү газдар С. болуп эсептелет. С. сцинтилляциялуу санагычта колдонулат.

СЪЕЗД — кандайдыр бир уюмдун же өлдердин өкүлдөрүнүн, бир тармак б-ча ишмерлердин чогулушу, к. *КПССтин съезди*, *ВЛКСМ съезди*. Бир топ уюмдарда С.— алардын жог. органы.

СЫВОРОТКА ООРУСУ — сывороткадагы (кан сары суусу) башка түрдөгү белоктун таасиринен пайда болгон *аллергия*. Кишинин организмине *серотерапия* же *серопрофилактика* максатында сыворотка куйганда пайда болот. Оорунун инкубация мезгили сывороткаңы 1-жолу куйганда 7—12 сутка, ал эми кайталап куйганда андан аз. С. о. башталганда адамдын терисинин сыворотка куйган жеринде темгил пайда болуп, бут денесине жайылат, кычышат, эти ысыйт, лимфа бездери, муундар шишийт, кээ бир учурда ичи өтөт. С. о. бир нече сааттан 2 жумага созулат. Дарылоодо димедрол, жылуу ванналар, салицил спиртин сыйпоо, кортикостероиддер колдонулат. Ооруну алдын алуу үчүн сывороткаларды кую эрежелерин туура колдоно билүү зарыл.

Ад.: Иванов Ф. К., Сывороточная болезнь и побочные осложнения при лечении антибиотиками, М., 1967.

СЫГНАК, С у г н а к — о. кылымдагы шаар чалдыбары. Сунак-Ата капчагайында, Казак т. ж-ндагы Түмөн-Арык станциясынан (Сыр-Дарыяның боюнда) 18 *км* түн.-чыгышта. Ад-тта 10-к-да эскерилет. 11-к-дын ортосунан кыпчактардын ордосу. 1219-ж. моңголдор талкалап, 13-к-дын 2-жарымы — 14-к-дын башында калыбына келтирилген. 14-к-дын ортосунан Ак Ордонун борбору. 15—16-к-да өзбек, казак хандары сураган. Акыркы прет 17-к-дын 1-жарымында эскерилет. Шаарды курчаган дубалдын (15 мунаралуу) ж. б. курулуштардын калдыгы сакталган.

СЫДЫКБЕКОВ Түгөлбай [1 (14).5.1912-ж. т., Кеч-Суу кыш., азыркы Ысык-Көл обл., Түп р-ну] — кыргыз совет жазуучусу, кыргыз совет адтына негиз салгандардын бири. Кыргыз ССР эл жазуучусу (1968), Кыргыз ССР ИАнын акад. (1954). Кедей дыйкан үй-бүлөсүнөн. Алгачкы билимди айыл мектебинен, Караколдогу (азыр Пржевальск) Чехов атн. башкы оруса мектептен алган. Фрунзе ш-ндагы а. ч. техникумунан (1928—31), Ашхабаддагы О. Азия зоовет. ин-тунан (1931) окуган. Чыгылыш кыр жазуучудан баштаган. Түңгүч чыгармасы — энесинен уккан жомоктун негизинде жазган «Кашкакбай» аттуу поэма. Бул поэманын кол жазмасы жоголуп, учурунда жарыяланбай, кийин кайра жазылып, «Көкөй кести» аттуу ыр, поэма жыйнагына (1961) ж-а чыгарынын төрт томдугуна (1969—70) кирди. Басмага жарыяланган түңгүч чыгармасы — «Булар кимдер» деген ыр («Ленинчил жаш», 1930, 1-май). Түңгүч ыр жыйнактары: «Күрөш» (1933), «Баатырлар» (1936), «Акыл булбул» (1938). Бул жыйнактарында С. сов. доордо жаңы мазмун алган кыргыз элинин турмушун көрсөтүп, жаңы адамдардын элесин тарткан. 30-жылдары С. кыргыз совет ад-тында биринчилерден болуп роман жанрын өздөштүрүүгө кириши, кыргыз айылдарында Совет бийлигин орнотуу ж-а майда чарбаларды коллективдештирүү учурунан алып түңгүч романы «Кеч-Суунун» (1937—38) жааган. Анда автор кыргыз айылында болгон социалдык-турмуштук өзгөрүштөрдү кеңири эпикалык арымда сүрөттөгөн. «Кеч-Суу»— кыргыз совет ад-тындагы реалисттик роман формасын өздөштүрүүдөгү ийгиликтүү саамалык.

Соц. реализм принциптеринин негизинде роман жанрын өздөштүрүү «Темир» (1939—40) романында улантылды. Бул чыгармада жазуучу «Кеч-Суунун» идеялык-тематикалык планын бекемдеп, аны ары улантып, кыргыз жергесиндеги колхоз турмушунун алгачкы жылдарындагы таң көрөшүн сүрөттөйт. С. реалисттик роман жанрын өздөштүрүү м-н бирге башка адабий жанрларда да белсене иштейт: кызылчачы аялдардын турмушу, эмгеги ж-дө «Абысындар» повестин, Фрунзе — Москва аралыгындагы лыжалык жүрүш ж-дө «Ала-Тоодон алтоо» (1938) очеркин, чек арачы жоокерлер тууралуу «Түн жарчысынан кабар» (1939) поэмасын, элдик сюжеттин негизинде «Ач көз ата» поэмасын жазат. Аталган чыгармалары м-н жазуучу жанрдык жагынан да, тематикалык жагынан да эл турмушун терең, кеңири камтып сүрөттөөгө умтулушу, адабий көркөм мүмкүнчүлүктөрү өтө бай экенин айкын көргөздү.

Улуу Ата Мек. согуш жылдарында С-дун адабий чыгармачыл мүмкүнчүлүктөрү бардык тарабынан кеңири ачылып, бөтөнчө роман жанрында жол багыттоочу жазуучу катары көрүндү. Анын негизинен согуш жылдары жазган «Биздин замандын кишилери» (1948) романы кыргыз совет ад-тынын тарыхында биринчи жолу СССР мамл. сыйлыгына татыктуу болду (1949). Улуу Ата Мек. согуштун оор күндөрүндөгү кыргыз элинин патриоттук эмгегин, майтарылбас маанайын, интернац. таза сезимин таасын сүрөттөгөн бул чыгарма кыргыз ад-тынын соц. реализм жолунда өсүп-өнүккөн жаңы кырдаалын белгиледи. «Биздин замандын кишилери» м-н улуттук сөз өнөрүнүн байыртан келаткан алкагын кеңитип, көп улуттуу совет ад-тынын үй-бүлөсүндө дүйн. адабий тажрыйбалардын чоңине чыкты. С-дун бараандуу чыгармаларынын дагы бири — согуш жаңы бүткөн жылдары жазылган «Тоо балдары» (1953) романы. Анда жазуучу балдар м-н чоңдордун психологиясына, өз ара мамилесине кылдат талдоо жүргүзүп, Омор аке, Динардай жандуу образдарды түзгөн; согуш бүтүп, ток пейил тынч заман башталган мезгилдеги кыргыз айылын, мектеп турмушун көрсөткөн.

50-жылдардын орто ченинде С. «Кеч-Суунун» экинчи редакциясын — «Тоо арасында» романын (1955—58) жарыкка чыгарат. Элдин турмушун, салт-санаасын кеңири камтуу, экон.-маданий өзгөрүштөрдү терең иликтеп көрсөтүү, адамдардын ички дүйнөсүн, психологиясын ачып сүрөттөө жагынан бул роман кыргыз прозасынын жаңы бийиктиги катары бааланды. «Тоо арасында» романы — «Кеч-Суунун» анчейин гана жаңы редакциясы эмес, баарынан мурда автордун көп жылдык адабий чыгылык тажрыйбасынын, турмуштук ж-а көркөм ой жүгүртүүсүнүн сапаттык өзгөрүштөрүнүн негизинде дээрлик кайра иштелген чыгарма. Жазуучу бул романында коллективдешүү процессин гана сүрөттөө м-н чектелбестен, жаңы турмуштун адеп-ахлак принциптери м-н эски үрп-адат ортосундагы келишпес коллизияны айкын ж-а ишенимдүү сүрөттөйт. Адамдардын көнүмүш турмуштук эрежелерден бошонушу кынчалык оор, кан-



Т. Сыдыкбеков.



Ш. Сыдыков.

чалык татаал экенин, алардын психологиясындагы бурулуштар капчалык күтүлбогондой окуя экенин чоң реалисттик күч м-н баландайт.

«Тоо арасында» романынан кийин С-дун чыг-лыгында өзүнчө бир жаңы этап башталат. Бул этапта жазуучу өтө активдүү иштейт. Ал кайрадан поэзияга кайрылып, «Көкөй кести» (1961), «Адамдарга кайрылуу» (1969) деген ыр жыйнактарын жарыкка чыгарат. Жазуучу бул жыйнактарында элинин өткөндөгү оор тагдырын сүрөттөө м-н бирге, азыркы учурдагы адамдын турмушуна, тагдырына ой жүгүртөт; космос темасына да атайын көңүл бөлүп, балдарга ылайыктап жомок түрүндө «Жердин уулу Жанболот, Күндүн кызы Нурайым» (1959) поэмасын жазат.

С. ад-ттын дээрлик бардык жанрында жемиштүү эмгектенсе да, анын чыг-лыгында жетектөөчү, жол баштоочу жанр роман болуп калды. Жазуучу дагы роман жанрында ойлонулган үчилтиктин—«Батийна» (1962) аттуу биринчи китебин, «Ашуу» (1966) аттуу экинчи китебин жарыкка чыгарды. «Зайыптар» (1966) деген жалпы ат м-н чыккан романдын бул бөлүмдөрү кыргыз аялынын Окт. рев-ясына чейинки ж-а андан кийинки тагдырын сүрөттөөгө арналган. Турмушта реалдуу жашаган Батийна, Зууракан өңдүү аялдардын прообраздарынын негизинде жазуучу кыргыз аялынын өткөндөгү оор тагдырын, Совет бийлигинин учурундагы турмушун, эркиндик алган таалайлуу тагдырын баяндайт. «Зайыптарда» аялдардын турмушуна байланыштуу кыргыз элинин өткөндөгү каада-салты, үрп-адаты, кыргыз аялынын коомдогу, үй-бүлөдөгү орду кеңири сүрөттөлгөн. Анда, о. эле эркиндикке чыккан кыргыз аялынын аң-сезиминдеги, турмуштук көз карашындагы бурулуш-өзгөрүштөрдү, жаңы коомдогу активдүү иш-аракетин ишенимдүү көрсөтө алган. С. 1978-ж. «Сыр ачуу», «Күрбулар» деген романдарын жарыялады. Бул чыг-ларында автор кыргыз студенттеринин турмушун, азыркы жаштардын адеп-ахлак изденүүлөрүн, адамгерчилик сапатын сүрөттөгөн.

С-дун калеминен драмалык чыг-лар да жаралган: «Манастын» окуялары-нан алынган «Манас жана Алмамбет» (1942), «Шырдакбектен» алынган «Борк алдында борү бар», сов. врачтын өмүрүн, ишин көрсөткөн «Тоодой жүрөк» ж. б. Булардын айрымы театрга коюлган. С.—ил., публ. мүнөздөгү көптөгөн макалалардын («Ата мурасы жөнүндө сөз», «Тарых жана Манас», «Улуу сөз жөнүндө», «Салт деген салт» ж. б.) автору. Аларда жазуучу кыргыз калкынын өткөндөгү жана азыркы турмушу, каада-салты, «Манас» баштаган адабий мурастар, кыргыз адабий тили сыяктуу маанилүү маселелерге ой жүгүртөт. Ал «Манастын» кыскарта бириктирилген төрт томдугун, асыресе, анын «Сейтек» бөлүмүн редакциялап, жарыялоо ишине көп күч жумшаган, «Кыргыз совет адабият тарыхынын очеркине» (1960) баш редакторлук кылган. С. 50-жылдары Совет-Индия достук коомуна вице-президент, Тынчтыкты коргоонун сов. комитетине, 1959—64-ж. Лениндик сыйлыктар комитетине, 1954—76-ж. СССР жаз. союзунун башкармасына мүчө болгон. Чыг-лары СССР ж-а дүйнө элдеринин тилдерине которулган. СССР Жог. Советине (4-шайл.) ж-а Кыргыз ССР Жог. Советине (3,5—8-шайл.) депутат. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а бир топ медаль м-н сыйланган.

Чыг.: Чыг-ларынын төрт томдук жыйнагы, 1—4-т., Фр., 1969—70; Дети гор. Роман, Фр., 1954; Люди наших дней. Роман, М., 1957; Среди гор. Роман, т. 1—2, М., 1961; Темир. Роман, М., 1965; Женщины, М., 1972, 1975.

Лит.: Асаналиев К., «Кең-Суу» романы, к-пте: Кыргыз совет прозасынын очерктери, Фр., 1957, 67—111-б.; ошонуку, Түгөлбай Сыдыкбеков (чыг-лыгы ж-дө очерк), Фр., 1962; Даронин С. К., Түгөлбай Сыдыкбеков. Критико-биогр. очерк, М., 1966; Түгөлбай Сыдыкбеков, в кн.: История киргизской литературы, М., 1970, с. 431—46; Жигитов С., Романчылардын дарканы, «Кыргызстан маданияты», 1972, 18-май; Түгөлбай Сыдыкбеков, к-пте: Самаганов Ж., Советтик Кыргызстан жазуучулары. Библиогр. справочник, 2-бас., Фр., 1976, 513—26-б.


СЫДЫКОВ Шарип (10. 5. 1926-ж. т., Нарын обл., Кочкор р-ну, Кара-Суу кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1965-жылдан КПСС мүчөсү. 1945—49-ж. Кызыл-Добо к-зунда колхозчу. 1953-жылдан «Коммунизм» с-зунда баш чабан. 1963-ж. ар жүз тубар койдон 125 козу, ар койдон 3,6 *кг* жүн; 1965-ж. 140 козу, 3,9 *кг* жүн алган. Кыргыз ССР Жог. Советинин (7-шайл.) депутаты. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

СЫДЫРГЫ — көктү, кайышты тегиздөөгө ылайыкталып жасалган, бир жагында оюкчасы бар тилке жыгач. С. м-н койдун ичегиси сыдырылып, комузга кыл жасалган.

СЫЗДООК, карбункул (лат. carbunculus — көмүрчө) — чачтын түбүнүн, май бездеринин тегерегиндеги теринин ж-а тери астындагы клетчатканын ириңдүү сезгенишн. Ал ириңдетүүчү микробдордун кир кийим аркылуу териге жугушунан пайда болот. Анда тери кызарып, көгөрүп, ткандар ириңдейт. Организмдин начарлашы, зат алмашуунун бузулушу, витаминдердин жетишсиздиги ж. б. С-тун өөрчүшүнө ыңгайлуу шарт түзөт. Дарылоодо *антибиотиктер, новокаин, физиотерапия*, кээде хирургиялык жол колдонулат. С-тун алдын алууда *өздүк гигиенаны* сактоо зарыл.


СЫЗРАНЬ — РСФСРдин Куйбышев обл-ндагы шаар. Волга д-ндагы пристань. Т. ж. тоому. Калкы 178 мин (1979). Машина куруунун (оор машина, а. ч. машиналары ж. б.) борбору, о. эле нефть ажыратуу, слапец о. ж. бар. Куйбышев политех. ин-тунун филиалы, нефть, машина куруу, тигүү-трикотаж, политех. техникумдары, мед., пед. ж-а муз. окуу жайлары, край таануу музейи, драма театры бар. С. 1683-ж. негизделген.

СЫЗЫК — геометриянын түрдүү бөлүмүндө түрдүүчө аныкталуучу түшүнүк. 1) Элементардык геометрияда түз С., түз С-тын кесиндилери, кесиндилерден түзүлгөн сынык С. ж-а кээ бир ийри С-тар каралат. Ар бир ийри С. атайын ыкма м-н аныкталат (мис., айлана — берилген О чекиттен берилген R аралыкта жаткан чекиттердин көптүгү). 2) Кыймылдагы чекиттин траекториясы катары С-ты параметр теңдемелери м-н аныктоого болот. Мис., тегиздикте тик бурчтуу (x, y) координаталар киргизип, борбору координата башында жаткан радиусу R болгон айлананы параметрдик $x=R\cos t$, $y=R\sin t$ теңдемелери аркылуу берүүгө болот. t параметри $0\leqslant t\leqslant 2\pi$ кесиндисинин өткөндө $M(x, y)$ чекити айлананы сызат. Жалпысынан тегиздиктеги С. $x=\varphi(t)$, $y=\psi(t)$ параметр теңдемелери аркылуу берилет. Мында $\varphi(t)$, $\psi(t)$ — t сан огунун



Алгебралык ийри сызыктар: *1* — декарт барагы; *2* — кубдук парабола; *3* — жарым кубдук парабола; *4* — кардиоида.

Δ интервалында үзгүлтүксүз функциялар. 3) Аналитикалык геометрияда тегиздиктеги С. $F(x, y)=0$ теңдеме м-н, ал эми үч өлчөмдүү мейкиндикте С. $F_1=(x, y, z)=0$, $F_2=(x, y, z)=0$ теңдемелери м-н берилет. Эгер $F(x, y)$ функциясы $n\geqslant 1$ даражалуу көп мүчө болсо, $F(x, y)=0$ теңдеме м-н аныкталган С. ал-



1




2

Сыдыкбеков Түгөлбай макаласына. 1. СССР мамл. сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз ССР ИАнын анык мүчөсү, Кыргыз ССР эл жазуучусу Түгөлбай Сыдыкбеков. 2. Түгөлбай Сыдыкбековдун дүйнө элдеринин тилинде басылып чыккан китептеринен.



1



2



3



4



5



6

Токой макаласына. **1.** Кичи-Жаргылчак токой массиви. **2.** Жети-Өгүз капчыгайы. **3.** Кара-Алма токой чарбасы. **4.** Көчөт питомниги. **5.** Арстанбап жаңгак токою. **6.** Түн. Кыргызстандагы токойлор.

гебр. ийри С. деп аталат. Түз С.— биринчи тартиптеги С. Мындан башка 3—4 ж-а андан жог. тартиптеги С-тар белгилүү. Үчүнчү тартиптеги С-тардын 76 түрү, төртүнчү тартиптеги С-тардын 146 түрү бар. Байыркы замандын математиктери да экинчи тартиптеги кээ бир С-тарды (эллипс, гипербола, парабола) билишкен. С-тарды системалуу үйрөнүү ж-а классификациялоо аналит. геометрия түзүлгөндөн кийин гана мүмкүн болду. Кеңири белгилүү кээ бир С-тар: 1. Декарт баракчасы; теңдемеси: $x^3+y^3-3axy=0$. 2. Кубдук парабола; теңдемеси: $y=x^3$. 3. Кардиоида; теңдемеси: $(x^2+y^2-2ax)^2=4a(x^2+y^2)$.

Лит.: Маркушевич А. И., Замечательные кривые, М.—Л., 1954; Пархоменко А. С., Что такое линия, М., 1954.

СЫЗЫКТУУ АЛГЕБРА — алгебранын колдонууда эң маанилүү роль аткарган бөлүгү. С. а-га таандык болгон эң алгачкы маселе — сызыктуу теңдемелер теориясы. Бул теориянын өнүгүүсү аныктагычтар теориясын, матрицалар теориясын ж-а ага байланышкан вектордук теңдемелер ж-а сызыктуу өзгөртүп түзүү теорияларын пайда кылды, к. *Алгебра.*

СЫЗЫКТУУ ДИФФЕРЕНЦИАЛ ТЕҢДЕМЕ, $y^{(n)}+P_1(x)y^{(n-1)}+\ldots+P_n(x)y=f(x)$ (1) түрүндөгү теңдеме мында $y=y(x)$ — изделүүчү функция, $y^{(n)}$, $y^{(n-1)}$, ..., y^1—туундулары, $P_1(x), P_2(x)$, ..., $P_n(x)$ (коэффициенттери) ж-а $f(x)$ (бош мүчө) — берилген функциялар. (1) теңдемедеги изделүүчү y функциясы ж-а анын туундулары 1-даражада, б. а. сызыктуу, ошондуктан ал теңдеме сызыктуу деп аталат. Эгер $f(x)=0$ болсо, анда (1) теңдеме бир тектүү, ал эми тескерисинче болсо, бир тектүү эмес делет. Бир тектүү С. д. т-нин $y_0=y_0(x)$ жалпы чыгарылышы ($P_n(x)$ коэффициенти үзгүлтүксүз болгондо) төмөнкү формула м-н туюнтулат: $y_0=C_1y_1(x)+C_2y_2(x)+\ldots+C_ny_n(x)$, мында C_1, C_2, ..., C_n—туруктуулар ж-а y_1, y_2, ..., y_n— сызыктуу көз карандысыз айрым чыгарылыштар. Туруктуу коэффициенттүү С. д. т-ни ж-а анын системасын чыгаруу үчүн операциялык эсептөө методу колдонулат.

Лит.: Смирнов В. И., Курс высшей математики, т. 2, М.—Л., 1967.

СЫЗЫКТУУ КӨЗ КАРАНДЫЛЫК (математикада) — $C_1U_1+C_2U_2+\ldots+C_nU_n=0$ (1) түрүндөгү катыш, мында $C_1, C_2, \ldots, C_n$ жок дегенде бири нөлгө барабар эмес сан, $U_1, U_2, \ldots, U_n$— санга көбөйтүү ж-а кошуу амалдары аныкталган матем. объектилер. Жог. (1) катышта $U_1, U_2, \ldots, U_n$ объектилери 1-даражада, б. а. сызыктуу, ошондуктан ал катыштардын ортосундагы көз карандылык сызыктуу деп аталат. (1) формуладагы барабардык белгиси ар кандай мааниде болушу мүмкүн болгондуктан ар бир учурда аны түшүндүрүү керек. С. к. к. түшүнүгү математиканын ар кандай тармагында колдонулат. Сызыктуу мейкиндиктин элементтеринин ортосундагы, о. эле векторлордун ортосундагы ж-а бир же бир нече өзгөрмөлүү функциялардын ортосундагы С. к. к. ж-де да айтууга болот. Эгер $U_1, U_2, \ldots, U_n$ объектилердин ортосунда С. к. к. болсо, анда бул объектилер сызыктуу көз карандылык деп, тескерисинче болсо, сызыктуу көз карандылык эмес деп аталат.

СЫЗЫКТУУ МЕЙКИНДИК — векторлорду кошуу, векторду скалярга көбөйтүүгө окшош амалдар ж-а алардын касиеттери аткарыла турган табияттагы элементтердин көптүгү. Эгер С. м-тин өз ара көз карандысыз n элементтери болуп, анын ар кандай $n+1$ элементтери биринчи n элементтери аркылуу сызыктуу туюнтулса, анда ал n өлчөмдүү С. м. деп аталат. Ал эми ар кандай натуралдык n үчүн n сандагы сызыктуу көз карандысыз элементтери табылса, анда С. м. чексиз өлчөмдүү болот. С. м-те каалагандай x элементи үчүн норма деп аталган терс эмес сан $\|x\|$ кийирилип, ал $x=0$ болгондо гана нолго айланса ж-а $\|\alpha x\|=|\alpha|\|x\|$, $\|x+y\|\leqslant\|x\|+\|y\|$ (үч бурчтуктар барабарсыздыгы) шарттары орун алса, мындай L С. м-ти нормаланган болот. $\|x-y\|$ саны—С. м-тин x ж-а y элементтеринин аралыгы. С. м-тин айрым учурлары: $[a, b]$ кесиндиде берилген үзгүлтүксүз функциялардын мейкиндиги — Гильберт мейкиндиги, метрдик мейкиндик ж. б.

Лит.: Колмогоров А. Н., Фомин С. В., Элементы теории функций и функционального анализа, 2 изд., М., 1968; Люстерник Л. А., Соболев В. И., Элементы функционального анализа, 2 изд., М., 1965.

СЫЗЫКТУУ ОПЕРАТОР — *сызыктуу өзгөртүп түзүү* түшүнүгүн сызыктуу мейкиндик түшүнүгүнө жалпылоо. E сызыктуу мейкиндиктеги F сызыктуу оператор деп, сызыктуу касиетке ээ ж-а маанилери E_1 сызыктуу мейкиндиктин элементтери болгон, о. эле E мейкиндигинде аныкталган $F(x)$ функциясы аталат, б. а. $F(\alpha x+\beta y)=\alpha F(x)+\beta F(y)$, мында x ж-а y — E нин ар кандай элементтери; α ж-а β — сандар. С. о. теориясы матем. физикада ж-а колдонмо математиканын ар кандай маселелерин чыгарууда колдонулат.

СЫЗЫКТУУ ӨЗГӨРТҮП ТҮЗҮҮ — алгачкы берилген $x_1, x_2, \ldots, x_n$ өзгөрмөлөрүн жаңы $x'_1, x'_2, \ldots, x'_n$ өзгөрмөлөрү аркылуу сызыктуу туюнтуп алмаштыруу. С. о. т. кыскача $\vec{x}=A\vec{x}'+\vec{b}$ (1) түрүндө жазылат. Мында

$$x=\{x_1, x_2, \ldots, x_n\}^T,$$
$$x'=\{x'_1, x'_2, \ldots, x'_n\}^T,$$
$$b'=\{b_1, b_2, \ldots, b_n\}^T$$

вектор-мамычалар, $A=\{a_{ij}\}_{ij=1}^{n}$ өлчөмү $n\times n$ болгон матрица; a_{ij}, b_i — туруктуу сан коэффициенттери. Эгерде $b_i=0$ ($i=1, 2, \ldots, n$) болсо, анда С. о. т. бир тектүү болот. С. о. т-гө эң жөнөкөй мисал катары тегиздиктеги тик бурчтуу декарт координаталар системасын өзгөртүп түзүү формулаларын алууга болот:

$$\left.\begin{aligned} x&=x^1\cos\alpha-y^1\sin\alpha+a\\ y&=x^1\sin\alpha+y^1\cos\alpha+b\end{aligned}\right\} \quad (2)$$

Бул С. о. т-нүн коэффициенти

$$\det A=|a_{ij}|=1\neq 0.$$

Тескерисинче С. о. т.

$$\left.\begin{aligned} x^1&=x\cos\alpha+y\sin\alpha+a_1\\ y^1&=-x\sin\alpha+y\cos\alpha+b_1,\end{aligned}\right\} \quad (3)$$

Мында $a_1=-a\cos\alpha-b\sin\alpha$,
$b_2=a\sin\alpha-b\cos\alpha$.

Жалпы учурда (1) С. о. т. үчүн $\det A=|a_{ij}|\neq 0$ аткарылса, анда (1) ге тескери С. о. т-нү табууга болот. Жалпы эле $\det A\neq 0$ болсо, кандайдыр бир n өлчөмдүү векторду экинчи бир n өлчөмдүү векторго өзгөртүп түзүүгө болот. Эгерде n өлчөмдүү мейкиндиктеги $\vec{x}$ координаталарына экинчи бир n өлчөмдүү $\vec{x}^1$ координаталарын өз ара бир маанилүү туура келтирген закон $\vec{x}^1=\vec{A}\vec{x}$ аткарылса, анда ошол вектордун С. о. т-сү деликнет же вектордук мейкиндиктин С. о. т-сү деп да аталат.

Лит.: Александров П. С., Лекции по аналитической геометрии, М., 1968; Мальцев А. И., Основы линейной алгебры, М., 1970.

СЫЗЫКТУУ ПРОГРАММАЛОО — сызыктуу барабарсыздыктар ж-а барабардыктар көптүгүндө сызыктуу функциялардын экстремумдарын табуу маселесин чечүү методу ж-а теориясы м-н байланышкан матем. тармак. Ал матем. программалоонун бир бөлүмү. Берилген С. п-нун матем. формулировкасы:

$$\left\{\begin{aligned}&\sum_{j=1}^{n}a_{ij}x_j\leqslant b_i,\ i=1, 2, \ldots, m, \quad (1)\\ &x_j\geqslant 0,\ j=1, 2, \ldots, n \quad (2)\end{aligned}\right.$$

шарттарын канааттандырган $\sum_{i=1}^{n}c_ix_i$ (3) сызыктуу функциянын максимумун табуу. Мында a_{ij}, c_i, b_i—берилген чондуктар; (3) функция — максаттын функциясы, вектор $x=(x_1, x_2, \ldots, x_n)$ — вектор план деп аталат. (1), (2) маселени чыгаруу методунун негизгиси — симплекс методу. Бул метод берилген маселени чыгарууну ЭЭМде жүзөгө ашырууга ыңгайлуу болгон сызыктуу алгебр. теңдемелердин удаалаштыгын чыгарууга алып келет. С. п. өндүрүш ишканаларынын ишин оптималдуу пландоо м-н байланышкан практикалык маселелерди чечүүдө колдонула турган матем. модель катары пайда болду.

СЫЗЫКТУУ ТЕҢДЕМЕ — белгисиздери 1-даражада болгон теңдемелер же алардын системасы. С. т-нин системаларынын чыгарылыштары деп $C_1, C_2, \ldots, C_n$ сандарын С. т-деги белгисиздердин ордуна койгондо ошол теңдемени теңдештикке айландырган туруктуу сандардын тобу аталат. С. т-лер системасы бир же чексиз көп

чыгарылышка ээ болушу да же бир дагы чыгарылышка ээ болбошу да мүмкүн. Акыркы С. т. системасы биримдиксиз система делет. Эң жөнөкөй С. т-гө мисал, $ax+b=0$ ($a\neq0$), анын чыгарылышы $x=-b:a$, ал эми эки белгисиздүү эки С. т-нин системасы

$$a_{11}x_1+a_{12}x_2=b_1$$
$$a_{21}x_1+a_{22}x_2=b_2$$

түрүндө болот, анын чыгарылышы

$$x_1=\frac{b_1a_{22}-b_2b_{12}}{a_{11}a_{22}-a_{12}a_{21}},\quad x_2=\frac{b_2a_{11}-b_1a_{21}}{a_{11}a_{22}-a_{12}a_{21}},$$

$$(a_{11}a_{22}-a_{12}a_{21}\neq0).$$

СЫЗЫКТУУ ФОРМА — биринчи даражадагы форма. $x_1, x_2, ..., x_n$ болгон n өзгөрмөлөрдүн С. ф-сынын жалпы түрү: $f(x_1, x_2, ..., x_n)=a_1x_1+a_2x_2+...+a_nx_n$; мында $a_1, a_2, ..., a_n$ — туруктуу чоңдуктар.

СЫЗЫКТУУ ФУНКЦИЯ, $y=ax+b$ түрүндөгү функция; мында a, b — туруктуу сандар. С. ф-нын графиги түз сызык болот. Анын негизги касиети — функция м-н аргументтин өсүндүлөрүнүн түз пропорциялаштыгы. Тик бурчтуу координаталар системасында ок б-ча бирдей масштабдагы бирдиктер алынганда С. ф-нын коэффициенти a, ал түз сызыктын Ox огунун оң багыты м-н түзгөн бурчу ф десек, анда $a=tg\varphi$, $b=0$ болгондо С. ф. бир тектүү делинип, графиги координаталар башталмасы аркылуу өтсө, $b\neq0$ учурунда график Oy ти b аралыгында кесип өтөт.

СЫЗЫКТУУ ЫЛДАМДАТКЫЧТАР — заряддалган бөлүкчөлөрдү траекториясы түз сызыктуу болгон ылдамдаткычтар, к. *Заряддалган бөлүкчөлөрдү ылдамдаткычтар*.

СЫЗЫКТУУ ЭМЕС ОПТИКА — физ. оптиканын кубаттуу жарык нурунун катуу перселерде, суюктуктарда, газдарда таралусун ж-а алардын зат м-н өз ара аракеттенишин изилдөөчү бөлүмү. *Лазердин* пайда болушуна байланыштуу оптикада 10^9—10^{11} *вт* кубаттуулуктагы когерентүү нур булагын алууга мүмкүн болду. Мындай жарык талаасында жаңы оптикалык эффектилер пайда болот да, көэ бир белгилүү кубулуштардын мүнөздөмөлөрү башкача болуп өзгөрөт. Жаңы кубулуштардын жалпы мүнөзү — жарыктын интенсивдүүлүгүнө көз каранды болушу. Күчтүү жарык талаасы чөйрөнүн оптикалык мүнөзүн (сынуу көрсөткүчүн n, жутуу коэффициентин) өзгөрткөндүктөн кубулуштардын мүнөзү да өзгөрөт. Ошентип, С. э. о-да төмөндөгүдөй корутунду чыгарылат: эгер чөйрөнүн оптикалык касиеттери жарык толкунунун электр талаасынын E чыналышынан функция болсо, анда чөйрөнүн поляризациясы Eге сызыктуу эмес көз карандылыкта болот. «С. э. о.» терминин илимге С. И. *Вавилов* киргизип, ал квант электроникасында кеңири колдонулат.

СЫЙКЫРЧЫЛЫК — кереметтүү күч м-н айлана-чөйрөгө таасир тийгизүүгө болот деген диний ишенимге байланышкан иш-аракет, ырым-жырым. С. байыркы адамдардын жаратылыш закондорун билбегенинен ж-а табият күчтөрүнө каршы күрөшө албаганынан пайда болгон. Ал бардык динде бар. Бурж. окумуштуулар (Д. Фрезер, Э. Дюркгейм ж. б.) С-ты илим м-н жакындаштыруга аракеттенишкен. С. индивидуалдык (адам өзүн кырсыктан сактоо үчүн С. кылат), топтук (австралиялык аборигендердин уруга чыгуунун алдындагы бийлери), коллективдүү (мис., асмандан жаан тилөө ж. б.), агрессиялуу ж-а коргонуучу (профилактикалык), ыиян ж-а пайда келтирүүчү болуп бөлүнөт. Соз м-н сыйкырдоо да бар. Башка диний түшүнүктөр сыяктуу эле С. азыр жоюлуп бара жатат (к. *Шаманизм, Оккультизм*).

СЫЙЛЫК — 1) эмгек, илим, ад-т, иск-во ж. б. иштерде жетишкендикти баалоонун бир түрү. СССРде алар *Лениндик сыйлык, СССР мамлекеттик сыйлыктары* (союздук респ-каларда да мамл. С. белгиленген), *Ленин комсомол сыйлыгы*, о. эле *«Элдер ортосунда тынчтыкты чыңдаганы үчүн» Эл аралык Лениндик сыйлык* м-н бааланат. Мамл. сыйлыктар бир катар соц., о. эле көэ бир бурж. мамлекеттерде да (мис., Франция, Италия) бар. 2) Тарбиячылар (ата-эне, мугалим ж. б.) тарабынан балдардын эмгегинин, окуусунун, жүрүм-турумунун оң бааланышын туюндурган ж-а ийгиликке шыктандырган пед. чара. С-тын оозеки мактоо, күндөлүккө мактап жазуу, *мактоо грамота* берүү ж. б. формалары бар. О. эле С. индивидуалдуу ж-а коллективдүү түрдө болушу да мүмкүн. С. зор тарбиялык күчкө ээ.

СЫЙМДУУЛУК БИЛДИРГИЧ, сыйымдуулук ченегич-өзгөрткүч — электрдик эмес чоңдуктарды (суюктуктун деңгээлин, жумшалган күчтү, басымды, нымдуулукту, составды ж. б.) электр сыйымдуулугуна өзгөртүүчү түзүлүш. Конструкциясы б-ча С. б. жарыш жалпак же цилиндр түрүндөгү электр конденсаторундай болот да, керектүү чоңдуктарды өлчөгөндө ал конденсатордун сыйымдуулугу өзгөрүп турат. С. б. көбүнчө мех. которулуштарды ченөө үчүн пайдаланылат.

СЫЙМДУУЛУК, к. *Электр сыйымдуулугу*.

СЫЙМДУУЛУК ЧЕНЕГИЧ — конденсатордун, электрондуу ж-а жарым өткөргүчтүү прибордун, кабелдердин, зымдардын ж. б-нын электр сыйымдуулугун ченегич прибор. Практикада логометр ж-а көпүрөчө тибиндеги С. ч. көп таралган. Электр сыйымдуулугун өлчөө үчүн өлчөөнүн баллистикалык методдору ж-а «вольтметр — амперметр» методдору да пайдаланылат.

СЫКТЫВКАР (1930-жылга чейин — Усть-Сысольск) — Коми АССРинин борбору, шаар. Сысола д-нын Вычегда д-на куяр жерине жакын. Пристань. Т. ж. станциясы. Калкы 186,4 миң (1979). Тактай тилүү, жыгач ж-а целлюлоза-кагаз ө. ж. өнүккөн. Металл иштетүү (мех., кеме куруу ж-а ремонттоо з-ддору), курулуш материалдар, жеңил ж-а тамак аш ө. ж. ишканалары иштейт. Шаарда СССР ИАнын Коми бөлүмү, ун-т, пед. ин-т, Ленинград токой тех. академиясынын бөлүмү, 3 техникум, муз. ж-а драма театр, көркөм ж-а край таануу музейлери ж. б. бар.

СЫМАП (лат. Hydrargyrum), Hg — Менделеевдин мезгилдик системасынын II тобундагы хим. элемент, ат. н. 80, ат. м. 200,59. Табигый С. 7 изотоптон турат. С.—сейрек элемент, жер кыртышында массасы б-ча $4,5\cdot10^{-6}$%, 35 минералы белгилүү (негизгиси — *киноварь* HgS). С.— бөлмө темп-расында суюк, күмүш сымал ак ж-а оор металл. Катуу С-тын тыгыз. 14,193 *г/см*^{3} (—38,9°С), суюк С-тын тыгыз. 13,52 *г/см*^{3} (20°С), эрүү t— 38,89°С, кайноо t 357,25°С. С. хим. жактан активдүү эмес. Ал кургак абада, бөлмө темп-расында чексиз убакытка чейин жалтырактыгын сактайт. Кычкылтек м-н кычкылдарды (HgO, Hg_2O), металлдар м-н амальгамаларды, галогендер м-н диссоциацияланбоочу уулуу бирикмелерди пайда кылат (к. *Сымап хлориддери*). С. туз ж-а суюлтулган күкурт к-таларында эрибейт. Ал киноварь түрүндөгү С. кендерин кычкылдантып күйгүзүү м-н, сульфид эритмелерин электролиздөөдөн алынат. С. ил. приборлорду (барометр, термометр, манометр, полярограф ж. б.), жарылгыч заттарды даярдоодо, хим. ө. ж-нда, медицинада, а. ч-да, металлургияда *(амальгамация)* колдонулат.

Ад.: Рипан Р., Четяну И., Неорганическая химия, пер. с рум., М., 1972; Некрасов Б. В., Основы общей химии, 2 изд., т. 2, М., 1969.

СЫМАП МАМЫЧАСЫНЫН МИЛЛИМЕТРИ — басымдын системадан тышкары бирдиги; ал атм-ра басымын, суу буусунун парциалдуу басымын ж. б. өлчөө үчүн колдонулат. Белгилениши: *сым. мам. мм*, эл аралык *Hg*. 1 *сым. мам. мм* эркин түшүү ылдамдануусу $g=9,80665$ *м/сек*^{2} болгондо, бийикт. 1 *мм*, тыгыз. $13,5951\cdot10^3$ *кг/м*^{3} сыман мамычасынын гидростатикалык басымына барабар. 1 *сым. мам. мм* = 133,322 *н/м*^{2} = $1,35951\cdot10^{-3}$ *кгк/см*^{2} = 13,5951 *суу мам. мм*.

СЫМАП РУДАЛАРЫ — казып алуу үчүн составында экон. жактан арзырлык сымап бар минералдардын ж-а тоо тектердин чогундусу. Сымап табиятта 20дан ашык минералда кезигет. Бирок, ө. ж. маанисиндеги негизги минералы — киноварь HgS. Анын составындагы сымап 86,2%ке чейин жетет. С. р-нын 2-дараж. минералдары: метациннабарит (β—сымап сульфиди), табигый накта сымап, ливингстонит, кордеронит, составында сымап кезигүүчү жездин, сурьманын, мышьяктын сульфатуздары ж. б. С. р. түр-

дүү чокмө ж-а метаморфизмделген (кварцташкан кумдук, доломит, акиташ, сланец) тектердин арасында кабат, контакт болбой, тарам, уя ж-а шток түрүндө кезигет. Составындагы сымаптын өлчөмүнө карай — өтө бай (1%тен жогору), бай (1%ке чейин), орт. (0,1—0,3%), жарды (0,1%тен төмөн) С. р. болуп ажыратылат. С. р. адатта төмөнкү темп-рада (250—100°С) начар концентрацияланган (3—5 *г/л*) гидротерм эритмилеринен, сейрек учурда сымап буусу м-н каныккан газ-суюктук эманациясынын жанаша жаткан тектер м-н өз ара аракетинен пайда болот. Гидротерм, телетерм ж-а жанар тоо процесстеринен пайда болгон С. р-на бөлүнөт. Булардын ичинен телетерм кендери негизги ө. ж. мааниге ээ. Буга Испаниядагы Альмаден, Кытайдагы Вань-Шань, АКШдагы Нью-Альмаден, УССРдеги Никитовка, Кыргызстандагы Хайдаркен, Чонкой ж. б. кендери кирет. Жанар тоо процессинен пайда болгон сымап кени эффузив ж-а чокмө тектерде кезигет (при кендери СССРде — Камчаткада, АКШда—Сульфур-Банкта).

Ад.: Сауков А. А., Геохимия ртути, М., 1946; Вопросы металлогении ртути, М., 1968; Мельников С. М., Металлургия ртути, М., 1971.

СЫМАП ТЕРМОМЕТРИ, к. *Суюктук термометри*.

СЫМАПТУУ ЛАМПА — жарыктын газ разряддуу булагы; анда сымап буусунда электр разрядынын оптикалык диапазондогу нур чыгаруусу пайдаланылат. Иштөө мезгилинде сымап буусунун басымына жараша С. л. төмөнкү басымдуу (люминесцент, эритема, бактерицид лампалары), жог. басымдуу (түстүүлүгү өзгөртүлгөн, металлогаллоид ж. б. лампалар) ж-а өтө жог. басымдуу болуп бөлүнөт. С. л. түрдүү жайларды жарык кылуу үчүн, жарык м-н көчүрүп жазгыч аппараттарда, медицинада ж-а фотохимияда пайдаланылат.

СЫМАПТУУ ӨЗГӨРТКҮЧ (түзөткүч) — өзгөрмө токту түзөткүчтү, туруктуу токту өзгөрмө токко айландыруучу ж-а ө. ж-лык жыштыкты (50 *гц*) төмөнкү же жог. жыштыкка (2000 *гц*) өзгөртүүчү түзүлүш. С. ө-түн өзгөрткүч түйүнү — сымаптуу вентиль. С. ө. электр энергиясы м-н жабдуучу установкаларда колдонулат: электрлештирилген транспортто, металлдардын, суулуу эритмелердин ж-а эритилген туздардын электролизинде, индукциялык жылыткычта, кубаттуу генераторлорду иондуу дүүлүктүрүүдө, үзгүлтүксүз реверстүү прокат стандарын, лифтилерди ж-а көтөргүчтөрдү электр м-н кыймылга келтирүүдө ж. б. С. ө-түн артыкчылыгы — анын көпкө иштеши, көп каршылыкка (аз убакытка) жакшы туруштук бериши, кичине өлчөмдө башкаруучу кубаттуулук (2 *вткa* жакын) берилгенде иштеши.

СЫМАП ХЛОРИДДЕРИ — сымаптын хлор м-н бирикмелери: Hg_2Cl_2 (каломель) ж-а $HgCl_2$ (сулема). Hg_2Cl_2 — түссүз күкүм; жегичтин же аммиактын таасиринен карарат, 383,7°Сде газга айланат. Суууда өтө начар эрийт. $HgCl_2$—түссүз кристалл, тыгыз. 5,44 *г/см*^{3}, эрүү t 277°С, кайноо t 304°С. Бат буулanат, спиртте, уксус к-тасында, суууда эрийт. Өтө уу. Ал сымапты концентрацияланган H_2SO_4тө эритип алынган сульфатты хлорлоодон же сымапты хлор м-н сыстуудан алынат. С. х. орг. синтезде катализатор катары, электрод даярдоодо, медицинада колдонулат.

СЫН АТООЧ — 1) заттын белгисин, касиетин билдирген соз түркүмү. Сүйлөмдө негизинен аныктоочтун, баяндоочтун, заттанган учурда ээнин, толуктоочтун милдетин аткарат. С. а-ко соз өзгөртүүчү граммат. категориялар мүнөздүү. (Заттанбаса, жөндөлбөйт, көптүк, таандык мүчөлөр жалганбайт). Сапаттык ж-а катыштык С. а. деп болүнөт. Сапаттык С. а. заттын белгисин өзүнүн лексикалык маанисин б-ча тике, өз бетинче көрсөтөт (мис., ичке, ачуу, ак, узун); катыштык С. а. белги, касиеттин башка зат м-н мамилеси, катышы бар экенин туюнтат (мис., шаардык аянтча, ил. эмгек). С. а-то салыштыруу даражалары болот. Бул касиет дүйнөдөгү тилдердин көбүнө мүнөздүү. Кыргыз тилинде С. а-тун салыштырма (мис., улут өлүмдөн катуу) ж-а күчөтмө (мис., абдан кызык) даражасы бар. С. а. морфол. ж-а синтаксистик жол м-н жасалат, составына карай жөнөкөй ж-а татаал болуп бөлүнөт. Айрым тилдерде (мис., фарс, фини, кытай ж-а корей) С. а. өзүнчө соз түркүмү боло албайт. 2) Заттын белгисин (касиетин) көрсөтүүчү соз. Зат атоочтун алдында аныктоочтук милдет аткарат. С. а. бул мааниде бардык тилде болуш керек. Терминдин мындайча колдонулушу анча так эмес, бирок кеңири тараган.

Ад.: Фортунатов Ф. Ф., Избранные труды, т. 2, М., 1957; Уметалиева В. Д., Степени сравнения прилагательных в киргизском языке, «Учёные записки филологического факультета (Киргиз. гос. ун-т»), в. 3, 1957, с. 40—48; её же, Имя прилагательные в современном киргизском языке, Фр., 1965; Кузнецов П. С., О принципах изучения грамматики, М., 1961; Кыргыз тилинин грамматикасы (морфология), Фр., 1964; Зализняк А. А., Русское именное словоизменение, М., 1967, гл. 1—2; Бенвенист Э., Именное предложение, в его кн.: Общая лингвистика, М., 1974.

«СЫНГАН БУГУ» — комуз музыкасындагы классикалык залкар күү. Күүлөнүшү, чертилиш ыкмасы б-ча «Камбаркан» тобуна кирет. Эски заманда кейиштүү махабат кайрыкмандагы кейиштүү махабат кайрыкмандагы кейиштүү махабат кайрыкмандагы

о. о. с-нун маанилүү гарантиясы — партиялык ж-а сов. демократиянын, соц. закондуулуктун бек сакталышы. Партия сынга чыдамсыздык ж-а төрөпейилдик м-н мамиле кылган жетекчилерди, коммунисттерди чечкиндүү түрдө айыптайт. Сын үчүн куугунтуктоо катуу жоошкерчиликке тартылат.

Ад.: Маркс К., К критике гегелевской философии права. Введение, Маркс К., Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 1; его же, Послесловие ко второму изд. (работы «Капитал. Критика политической экономии», Том первый.), там же, т. 23, М., 1972; Ленин В. И., Бир кадам алга, эки кадам артка (Биздин партиядагы кризис), Фр., 1975; Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Программасы, Фр., 1972; КПССтин XXV съездинин материалдары, Фр., 1977.

СЫНЧЫЛ РЕАЛИЗМ — 19—20-к-дын реалисттик ад-ты м-н иск-восундагы багыт (метод). «С. р.» деген сөз адегенде (1934) М. Горький тарабынан 19-к-дын реалисттик ад-тынын сынчыл мүнөзүн баса белгилеш үчүн айтылган, б. а. сов. ад-т таануу м-н иск-во таануунда «С. р.» — Горькийден мурасталып келаткан түшүнүк, к. *Реализм.*

СЫНЫК — сөөктүн бүтүндүгүнүн толук же жартылай бузулушу. С. тубаса (түйүлдүктүн оорчүшүндөгү же төрөт убагындагы), патологиялык (оорудан), травмалык (кырсыктан, кокустуктан) болуп болунөт. Тубаса С. өтө сейрек кездешип, алар боюнда бар убакта катуу нерсеге урунгандан же түйүлдүктүн сөөк оорусунан пайда болот; төрөт убагында энениң жамбаш сөөгүнүн кууштугунан, баланын жатында туура эмес жатышынан көбүнчө акырек сынат. Патологиялык С. сөөктү бузуучу өнөкөт ооруларды (*туберкулёз, остеомиелит, шишик* ж. б.) натыйжасында пайда болот. С. жабык ж-а ачык (жарааты бар), жылышып кеткен, туурасынан, кыйгач ж. б. болуп айырмаланат. Өсүпүрүмдөрдүн сөөгү ийилгич келип, С. бири биринен жылышпайт же сөөк кабыгынын астында болот. Сөөк сынганда айланасындагы жумшак ткандар (булчуң эт, кан-тамыр, нерв) бузулуп, кан агып, жараатка ж-а ар кандай сезгенүү процесстерине алып келиши мүмкүн. С. *рентген диагностиканын* жардамы м-н аныкталат. Биринчи жардам: сынган сөөккө *иммобилизация* жасоо, кан акса, таза даки м-н таңып, жарааттан жогору *кан токтотмо буугуч* коюу. Ооруканада С-ты гипске салат, к. *Остеосинтез.*

Ад.: Каплан А. В., Закрытые повреждения костей и суставов, 2 изд., М., 1967; Уотсон-Джонс Р., Переломы костей и повреждения суставов, пер. с англ., М., 1972.

СЫҢАР ӨРКӨЧ ТӨӨ, дромедар, желмаян — унаа катарында пайдаланылуучу жалгыз өркөчтүү төө, к. *Нар, Төө.*


СЫҢАР ТУЯКТУУЛАР (Perissodactyla) — сүт эмүүчүлөрдүн түркүмү. Буларга ири, орто чондуктагы жаныбарлар кирет. Алдыңкы буттарындагы манжаларынын саны 1, 3 же 4, арткысыныкы 1 же 3. Ортоңку үчүнчү манжасы башкаларынан чоң. Манжаларынын учу туяк м-н капталган. Азуу тиштеринин чайноочу беттери бодуракай келип, чоңтү, жемди майдалоого ыңгайланган. Баш сөөгүнүн мандай жагы узун. Чөп м-н азыктанат. Карыны жөнөкөй, бир бөлүктүү, сокур ж-а жоон ичегиси узун, көлөмдүү, бырыштуу болгондуктан азыгын тез сиңирет. Жатыны ачакей, бирден, чанда эгиз туурт. С. т. Африкада, Азияда, Түш. Америкада таралган. Колдо багылган мал катары бүткүл материкте учурайт. Түш. Европада жапайы түрдө С. т. 19-к-дын аягына чейин жашаган. Азыр С. т-дын 3 тукуму (жылкы, керик ж-а тапир) белгилүү.

Ад.: Млекопитающие Советского Союза, т. 1, М., 1961.

СЫПАТТОО — адабий көркөм баяндоонун бир түрү; сүрөттөлүп жаткан нерсенин — адамдын кебете-кешпирининн, жагдайдын, жаратылыш көрүнүшүнүн кайсы бир белгисин бөлүп көрсөтүүчү каражат. С-нун статикалык ж-а динамикалык деген эки түрү бар. Статикалык С. окурмандын ынтаасын күчөтүү максатында окуянын өнүгүшүн токтотот (мис., О. Бальзактын, В. Гюгонун чоң шаарлар м-н үйлөрдү сүрөттөшү). Динамикалык С. адатта кыска келет да, окуянын өнүгүшүнө жолто болбой эптүү айкашып турат (Ф. М. Достоевский, А. П. Чехов). Жарым-жартылай же жалаң С. жолу м-н жаралган поэзиялык чыгармалар да болот.

СЫР — сүттөн жасалуучу тамак. Анда сиңимдүү белок (15—27%), май (20—32%), минерал заттар (кальций, фосфор ж. б.), А ж-а В витаминдери бар. 100 *г* С-дын калориялуулугу 250—450 *ккал*, сиңимдүүлүгү 95—97%. Товардык белгилери б-ча С. катуу, жумшак, эритилген ж-а рассол С-ы болуп бөлүнөт. Хим. составы ж-а даамы б-ча айырмаланган 700дөн ашык түрү бар. С. уйдун, койдун, эчкинин ж-а тоноздун сүтүнөн даярдалат. Даярдоо технологиясы кылымдар бою өркүндөтүлүп, С-дын улам жаңы сорттору алынууда. С. даярдоо процесси сүттү сычуг (жумур) ферментинин же сүт к-тасынын жардамы м-н уютууга негизделген төмөнкү операциялардан турат: сүттү уютуруга даярдоо, уютуу, уюган сүттүн сары суусун бөлүү, уюган массаны кесүү, белгилүү формага келтирүү, пресстөө, туздоо ж-а жетилтүү. Россияда С. даярдоочу биринчи артелдер 19-к-дын 2-жарымынан пайда болгон. Кырг-нда С. 1937-ж. Ивановкадагы С. даярдоочу з-ддо чыгарыла баштаган. Азыр Кырг-нда «Чүй», «Арашан» ж. б. С-лар чыгарылууда.

СЫР-ДАРЫЯ — О. Азиядагы ири дарыя. Узундугу б-ча О. Азияда 1-, суусунун молдугу жагынан 2-орунда (Аму-Дарыядан кийин). Нарын ж-а Кара-Дарыя д-ларынын кошулушунан пайда болуп, Арал деңизине куят. Уз. 2212 *км*, Нарындын баштапкысынан 3019 *км*. Алабынын аянты (шарттуу) 219 миң *км*². Негизги куймалары: Касан-Сай, Гава-Сай, Чаадак-Сай (оң), Исфайрам-Сай, Шайманда, Сох, Исфара, Кожо-Бакыргандыктан куймалардын бири да С.-Д-га жетпейт. С.-Д-дан 50го жакын канал (эң ириси Ахунбабаев атн.) чыгарылган. Фергана өрөөнүнөн чыгарда Фархад тоосун кесип өтүп, Бекабад босогосун пайда кылат да, кенен (10—15 *км*) жайылма м-н Ташкен — Ач-Талаа депрессиясы аркылуу агат. Дарыянын төмөнкү агымы Кызыл-Кумдун чыгыш четин м-н отот. Чатында салаалларга болунүп, дельтаны түзөт. С.-Д-ның суу жыйноочу



алабы дээрлик тоо (Тянь-Шань, Алай) таранта. Негизинен кар, мөңгү, жаан сууларынан куралат. Жаз-жай айларында (март — апрелден авг.— сентябрга чейин) кирет. Көп жылдык орт. чыгымы Кал кыш. жанында 492 $м^3/сек$, Фергана өрөөнүнөн чыга бериште 566 $м^3/сек$, Чирик д. кошулган жерде 703 $м^3/сек$, Казалинск ш-нын жанында 446 $м^3/сек$. Тоодон чыгарда суунун жалпы жылдык орт. көлөмү 37,8 $км^3$, Казалинск ш-нда 14,1 $км^3$ (көбүнчө сугатка пайдаланууда азаят). Дарыяда суу сактагычтар (Кайрак-Кум, Чардарыя ж. б.) курулган. Алабында жалпы кубатуулугу 2,8 *Гвт* болгон 62 ГЭС курулган ж-а курулууда. Чатынан Бекабадга чейин айрым участкаларында кеме жүрөт. Сазан, сом, жерех, шмай, усач, лещ, чортон, карп, окунь балыктары бар. Дарыянын боюнда Ленинабад, Бекабад, Чардара, Кызыл Орду, Казалинск ж. б. ш-лар жайгашкан.

Ад.: Шульц В. Л., Реки Средней Азии, ч. 1—2, Л., 1965.

СЫР-ДАРЫЯ ОБЛАСТЫ Өзбек ССРинде. 1963-ж. 16-февралда түзүлгөн. Аянты 5,3 миң $км^2$. Калкы 49 миң (1979). Областта 7 район, 4 шаар, 3 ш. т. посёлка бар. Борбору — Гүлстан ш. С.-Д. о. Ленин ордени м-н сыйланган (1967).

Аймагынын көп бөлүгүн Ач-Талаа, чыгышын Сыр-Дарыянын өрөөнүээлейт. Климаты кескин континенттик. Январдын орт. темп-расы —2°... —6°С, июлдуку 26—28°С. Жылдык жаан-чачыны 295—312 *мм*. Башкы дарыясы — Сыр-Дарыя. Жарым чөл жана чөл өсүмдүктөрү өсөт. Жаныбарлары: түлкү, кемирүүчүлөр, сойлоп жүрүүчүлөр, канаттуулар ж. б.

Өзбек (60%), орус, татар, казак, тажик, корей ж. б. жашайт. Орт. жышт. 1 $км^2$ге 76,5 киши (1979). Шаар калкы 31%. Шаарлары: Гүлстан, Сыр-Дарыя, Жаңы-Жер, Ширин.

С.-Д. о. совет бийлигинин жылдарында о. ж. өнүккөн индустр.-агрардык районго айланды. Ө. ж. пахта ж-а а. ч. сырьёлорун иштетүүгө негизделген. Жеңил (пахта тазалоочу, тигүү), тамак-аш (май, сүт), курулуш материалдар (Жаңы-Жер ж-а Гүлстан ш-ларында), машина куруу, металл иштетүү, токой ж-а целлюлоза-кагаз о. ж. бар. Сыр-Дарыя ГРЭСи курулууда (1979). С.-Д. о. респ-канын а. ч. дүң продукциясынын 4,7%ин чыгарат. А. ч-га жарактуу жери 241,4 миң *га*. Айдоо аянтынын 60,2% пахта. Тоют өсүмдүктөрү, дан эгиндери, шалы, картошка, жашылча-жемиш, бакча өстүрүлөт. 1979-ж. 58,0 миң үй (сааны 15,7 миң), 22,5 миң чочко, 18,8 миң кой-эчки, 586,2 миң бакма канаттуу болгон. Жибекчилик өнүккөн. Автомобиль жолунун уз. 1020 *км*, т. ж. 146 *км* (1979). 1978—79-окуу жылында 260 жалпы билим берүүчү мектеп, 12 кесипчилик, 7 атайын орто, мед. окуу жайы, а. ч., гидромелиорация, курулуш техникумдары, пед. ин-т болгон. Обл. «Сирдарё хакикаты» (1963-жылдан), «Сырдарьинская правда» (1963) газеталары өзбек, орус тилдеринде чыгат. 1979-ж. 216 китепкана, 201 киноустановка, 4,5 миң орундуу 54 ооруканада 814 врач иштеген.

Ад.: Узбекистан. М., 1967 (серия «Советский Союз»); Народное хозяйство Узбекской ССР за 50 лет (1924—1974). Стат. ежегодник. Таш., 1974.

СЫРДООЧУ МАТЕРИАЛДАР — катуу нерсенин бетине сүйкогондо чел кабык сымал катып калма суюк же коюу состав. С. м-дын негизги компоненти — жука кабык пайда кылуучу заттар. Андан башка да аның составында түрдүү пигменттер, эриткичтер, толуктагычтар ж-а С. м-дын касиетин бере турган түрдүү кошундулар болот. С. м. түссүз же түстүү, тунук же тунук эмес болушу мүмкүн. Тунук С. м-га олифа м-н лактар, тунук эмес С. м-га негизин тегиздегич (грунттоо), текшилегич (шпаклёвка) ж-а боёк кирет. Составында чел кабык пайда кылуучу заттар ж-а жука дисперсиялуу орг. эмес же орг. пигменттер кошулган С. м. майлуу боёктор деп аталат. Ө. ж-да негизинен суспензиялуу боёктор чыгарылат.

СЫРДЫК СӨЗ — адамдын окуяга, нерсеге карата ички ой-сезимин, мамилесин туюнткан сөз түркүмү. С. с. морфол. жактан өзгөрбөйт, синтаксистик жагынан сүйлөм мүчөлөрү м-н байланышпайт ж-а сүйлөмгө мүчө боло албайт, сүйлөмдүн жалпы маанүну м-н маани ж-а интонациялык жактан ажырагыс байланышта болот. С. с-го суроо берилбейт. Түзүлүшүнө карай С. с. тубаса (А! О! Ох! Ох! Ай! Ой!) ж-а туунду (мис., О-айт! Катуу + күн > катыгүн!) деп ажыратылат; лексикалык жактан үч негизги топко бөлүнөт: ички сезимди туюнткан С. с. (мис., Бах! Катыгүн! Кап!), эркти туюнткан С. с. (мис., Тек! Чу! Күчү-күчү! Тырр!), турмуштиричиликке ж-а салтка байланыштуу С. с. (мис., Ассалом алейкум! Алейкумассалам! Кош! Кайыр! Ыракмат!). Кыргыз тилиндеги С. с-дор семантикалык жагынан көп маанилүү (мис., Пай-пай! Адам! Апей! Кап!), бир маанилүү (мис., Баса! Ураа! Калакай! Ичкий!) деп эки топко болунөт.

Ад.: Кыргыз тилинин грамматикасы (морфология), Фр., 1964; Иманалиев С., Кыргыз тилиндеги сырдык сөздөр, Фр., 1969.

СЫРКИН Яков Кивович [23. 11(5. 12). 1894, Минск — 8. 1. 1974, Москва] — сов. физ.-химик, СССР ИАнын акад. (1964; корр. мүчө, 1943). Иваново-Вознесенск политех. ин-тун бүтүп (1919), ошондо иштеген (1925—31-ж. проф. ж-а физ. химия кафедрасына башчы). 1931—52-ж. Л. Я. Карпов атн. Физ.-хим. ин-тунда лабор-я га, СССР ИАнын Н. С. Курнаков атн. Жалпы ж-а орг. эмес химия ин-тунун болумүнө (1967—74), ошол эле мезгилде Москвадагы М. В. Ломоносов атн. Кылдат хим. технология ин-тунун физ. химия кафедрасына (1931—74) башчы. Негизги эмгектери хим. термодинамика м-н хим. кинетикага, о. эле молекуланын түзүлүшүн — эксперименттик ж-а теориялык изилдөөгө арналган. СССР мамл. сыйл. (1943) лауреаты. Үч орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Яков Кивович Сыркин, М., 1971 (АН СССР. Материалы к биобиблиографии учёных СССР. Серия хим. наук, в. 48).

СЫРТ — 1) Тянь-Шандагы 2500—4000 *м* бийикте жаткан тегиз же күдүрлүү бийик жаткан тегиз же күдүрлүү аймак; палеозойдо пайда болгон тоолордун узак мезгил ичинде (палеозойдун алгынан олигоцендин алгына чейин) талкалануусунан пайда болгон байыркы тегиздиктердин калдыгы. Тоо жаралуу мезгилинде кенен жантайыңкы бүктолүш түрүндө көтөрүлгөн. Борб. ж-а Ички Тянь-Шандагы ороондордун капталдарында С-тар кайпозойдун тектери, айрым учурда антропогендин мөңгү таштаралары м-н капталып, эрозия процесстери м-н тилмеленген. С. рельефи Кырг-нда Жог. Нарын, Сары-Жаз, Ак-Сай, Жал, Ак-Шыйрак, Үзөңгү-Куш ж. б. Кол, Чичкан, Орто-Сырт, Үч-Арпа, Кичи Нарын, Орто-Сырт, Үзөңгү-Куш ж. б. Кол, Ак-Шыйрак, Үзөңгү-Куш ж. б. ороондордо кенири санталган. Рельефине жараша ландшафттары да ар кыл: бийик тоолуу тундра, суук чөл, шалбаа, саз, шалбаалуу талаа, курчалган талаа, жарым чөл ж-а чөл; тесгак талаа, жарым чөл ж-а чөл; тесгакей беттерде карагайлуу токой, суу бойлорунда тал, терек, кайың аралаш бадалдуу ландшафт да учурайт. С-тын көпчүлүк бөлүгү негизинен жайлоо, кары аз ыктоо жерлерин жайлоо, кары аз ыктоо жерлерин пайдаланылат. 2) Волгага боюндагы (Заволжьедеги) жалпак С. аталат.

Ад.: Байгуттиев С., Краткий очерк истории исследований Верхне-Нарынских и Сары-Чатских сыртов Внутреннего Тянь-Шаня, «Изв. Киргизского филиала ВГО», в. 1, 1959; Мураваевы Э. и В., Словарь местных географических терминов, М., 1959; Мураев Э. М., Очерки топонимики, М., 1974.

СЫРТ — Ош обл-ның Фрунзе р-нундагы Бирлик айыл советинде карапгуу кыштак. «Хайдаркен» с-зунун аймагында. Райондун борбору Фрунзе кыш-нан 80 *км* түш.-батыш таранта. Фергана т. ж. станциясынан 110 *км*. Калкы 852 (1979). Орто мектеп, фельдшер-акушердик пункт бар.

СЫРТКЫ ЖАНА ИЧКИ — 1) нерсенин бүтүндүк түзүлүшүндө алган орду ж-а ролу б-ча айырмаланган жактары. Сырткы (С.) категориясы нерсенин сезим-туюмга жакын жагын же перседен тышкары турган көрүнүштүдүү чагылтат. Ички (И.) категориясы нерсенин маңызын туюнтат. Ал түздөн-түз эмес С. белгилер аркылуу баамдалат. Себеби нерсенин С. жагы—И. жагынын туундусу. Кубулуштун И. табиятын иликтөө анын өнүгүү багатын таап, С. көрүнүштөрду андан билгүүгө мүмкүндүк берет. 2) Болмуштун С. ж-а И. дүйнө деп болүнүүчү жактары. Сырткысы — табият дүйнөсү, ички — рухий дүйнө. Булардын өз ара байланышын ачуу аракети философиянын тарыхында материализм м-н идеализмдин күрөшүнө болгон.

СЫРТТАН ОКУУ — иштеп жаткандардан өндүрүштөгү иши токтотпой жог. ж-а атайын орто билимдүү адистерди даярдоо, квалификациясын жогорулатуу, о. эле жалпы орто билим берүү. С. о. билим берүүнүн күндүзгү системасынан студент (окуучу) негизинен өз алдынча окугандыгы м-н айырмаланат.

С. о. системасы СССРде 1920-жылдары калыптанган. Бара-бара кеңири өнүгүп, сырттан окуу жог. окуу жайлары, сырттан окуу аспирантуралары, жог. окуу жайларында сырттан окуу бөлүмдөрү уюштурулган. Программалары ж-а окуу китептери күндүзгү ж-а кечки билим алуу системасына окшош. Сырттан окугандар үчүн атайын методикалык көрсөтмөлөр, окуу китептерине кошумча материалдар чыгарылат, радио ж-а телекөрсөтүү пайдаланылат.

Башка соц. мамлекеттерде ж-а капит. өлкөлөрдө да С. о. системасы бар. Кырг-ндын орто ж-а жог. окуу жайларында да С. о. бөлүмдөрү бар.

СЫРЬЕ, чийкилей материал — мурда киши күчү жумшалган, келечекте башка продукция белендөлүүчү эмгек заты. А. ч. ж-а өнөр жай С-су болуп бөлүнөт. А. ч. С-суна өсүмдүк (дан, пахта, кызылча ж. б.) ж-а жаныбар (жүн, тери ж. б.) С-су; о. ж. С-суна минерал (көмүр, нефть ж. б.) ж-а жасалма С. кирет; о. ж-да керектелүүчү С. негизги ж-а кошумча болуп айырмаланат. Негизги С. даяр продуктунун озогун түзөт. Мис., жез же коргошун кенинен жез же корго-

шун чыгарылат. Кошумча С. негизги С-го кошулат же өндүрүш процессин жүргүзүү үчүн шарт (отун, жарык, майлоочу май) болот. Ө. ж-ның кээ бир тармагында С. түпкү ж-а таштанды С-го ажырайт. Таштанды С-ну туура пайдалануу коомдук эмгекти үнөмдөөнү камсыз кылат. Түпкү С-ну комплекстүү белендөө — о. ж-ның С. базасын кеңейтүүнүн ж-а экон. натыйжалуулугунун маанилүү булагы. С. сапатын жакшыртуу — о. ж. ишканасынын тех.-экон. көрсөткүчтөрүн арттыруунун зарыл шарты.

СЫТИН Иван Дмитриевич [24. 1(5. 2). 1851, Кострома губ., Гнездиков кыш.— 23. 11. 1934, Москва] — орус агартуучусу, китеп басып чыгаруучу. Дыйкан үй-бүлөсүнөн. Жаш чагында копос дүкөндө кызмат кылган. 1876-ж. Москвада өз литографиясын ачып, басмадагы ишин сүрөт басып чыгаруудан баштаган. 1884-ж. «Посредник» басмасынын китептерин, 90-жылдардан тартып окуу китептерин, балдар ад-ттарын, ил.-популярдуу ж-а колдонмо китептерди, о. эле «Өз бетинче окуп билим алуу үчүн китепкана», «Илимий жана колдонмо билимдердин элдик энциклопедиясы» (1—14-т., 1910—12) деген сериялар чыгарган. А. С. Пушкиндин, Н. В. Гоголдун, Л. Н. Толстойдун чыг-лар жыйнагы ж-а «Ата Мекендик согуш жана орус коомчулугу. 1812—1912» (1911—12), «Аскер энциклопедиясы» (1—18-т., 1911—15), «Балдар энциклопедиясы» (1—10-т., 1913—14) сыяктуу көп томдуу басылмалар С. чыгарган маанилүү китептердин катарына кирет. С. тарабынан, о. эле элдик календарлар, «Вокруг света» (1891-жылдан), «Искра», «Хирургия» журналдары, «Русское слово» газетасы басылып турган.

1917-жылдан кийин С-дин басмакапасы мамлекеттин карамагына алынып, өзү Госиздатка кеңешчи болгон.

Ад.: Коничев К. И., Русский самородок, Л., 1966; Полвека для книги, М., 1916.

СЫЧУАНЬ — Түш.-Батыш Кытайдагы провинция. Аймагынын көп бөлүгүн Сычуань чуңкурдугу, батышын Сина-Тибет тоолору ээлейт. Аянты 569 миң км². Калкы 80 млн (1976). Админ. борбору — Чэнду ш. 13 округ, 3 улут автономия округу, 9 шаары бар. Экономикасынын негизин а. ч. түзөт. Айдоо аянты жеринин 14%ин ээлейт. Шалы, жүгөрү, буудай, гаолян, арпа, буурчак, батат өстүрүлөт. Тунг жыгачын, рапс, бал камыш, цитрус өсүмдүктөрүн, чай, пахта, тамеки өстүрүү жалпы кытайлык маанеге ээ. Ө. ж-лары: кара металлургия, машина куруу, химия, текстиль, токой, тамак-аш, кол өнөрчүлүк ж. б. С. провинциясы 13-к-дын аягында түзүлгөн.

СЫЧУГОВ Андрей Григорьевич (15. 11. 1912, Караганды обл., Көкчө-Тоо р-ну, Павловка кыш.— 1975) — Соц. Эмг. Баатыры (1950). Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. 1929-ж. ар-



А. Г. Сычугов.

телде, 1932—35-ж. Москва ш-ндагы метрополитен курулушунда, 1935-ж. Кыргыз ССРинин Сокулук р-нунда «Төмөнкү Чүй» совхозунда жумушчу болгон. 1945-жылдан Кырг-н мал чарба ж-а ветеринария ил. из. ин-тунун тажрыйба фермасынын талаачылык бригадасын башкарган. 1949-ж. анын бригадасы 8 *га* аянттын гектарынан 141 *ц* көп жылдык чөп алган. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

СЬЕРРА-ЛЕОНЕ, Сьерра-Леоне Республикасы — Батыш Африкадагы мамлекет. Британия ынтымагынын составында. Түндүгүнөн ж-а түн. - чыгышынан Гвинея, түш.-чыгышынан Либерия м-н чектешет. Батышын Атлантика океаны чулгайт. Аянты 72,3 миң км². Калкы 3,1 млн (1976). Борбору — Фритаун (калкы 275 миң).



С.-Л.— респ-ка. Мамлекет ж-а өкмөт башчысы — президент. Мамл. гербин ж-а мамл. желегин к. *Мамлекеттик герб, Мамлекеттик желек* макалаларынын таблицасынан.



Табияты. Атлантика океанынын жээги өйдүү, тегиз. Түн.-чыгышында *Леон-Либерия дөңсөөсү*, түндүгүндө Фута-Жаллон массиви жатат. Батышы м-н түштүгүн ойдуңдуу түздүк ээлейт. Кен байлыктары: темир, титан, алмаз, боксит. Климаты экватордук. Жылдык жаан-чачыны 2000—2500 *мм*. Дарыялары — Каба, Рокелле, Жонг ж. б. Дайыма жашыл токой, бадал ж. б. өсөт.

Калкы. Атлантика (темне, булом, лимба) ж-а манде (менде, ваи, коно ж. б.) тил уясына кирген улуттар жашайт. Калкынын көбү мусулмандар, христиандар 25%. Офиц. тили — англис тили. Орт. жышт. 1 км²ге 42 киши (1976). Шаарлары — Фритаун, Бо ж. б.

Тарыхы. С.-Л-нин аймагында адам палеолит доорунан жашаган. 15-к-да мында феод. мамиле калыптана баштаган. 1462-ж. португалдык деңиз сайкатчысы Педру ди Синтра бул өлкөгө келип, аны Серра-Леан (арстан тоолору) деп атаган. 16-к-да келе баштаган англистер 1896-ж. С.-Л. аймагына англ. протекторат орногон. Экинчи дүйн. согуш (1939—45) мезгилинде ж-а андан кийин капит. мамиле өнүгүп, 1940—50-жылдары профсоюздар, саясий партиялар ж. б. коомдук уюмдар пайда болгон. 1951-ж. С.-Л. элдик партиясы (СЛЭП) негизделген. 1955—56-ж. эмгек шартын жакшыртуунун талап кылган жумушчулар м-н дыйкандардын ири толкундоолору өткөн. 1961-ж. 27-апрелде С.-Л. Британия ынтымагы составындагы көз карандысыз мамлекет деп жарыяланган. Өлкө ошол жылдан ООНго мүчө. 1968-ж. 18-апрелдеги мамл. төңкөрүштүн натыйжасында биринче Бүткүл элдик конгресс (БЭК) партиясы келген. Анын тышкы саясаты — блокторго, союздарга кошулбоо, бардык өлкөлөр м-н ынтымакта жашоо.

1971-ж. 19-апрелде парламент С.-Л-нин респ-ка деп жарыялаган. С.-Л. м-н СССРдин ортосунда дипл. мамиле түзүлүп (1962), соода, маданий ж-а ил. кызматташтык ж-де макулдашылган (1965).

Саясий партиялары, профсоюздары ж. б. коомдук уюмдары. Бүткүл элдик конгресс (БЭК), 1960-ж. негизделген, башкаруучу партия. С.-Л. эмгек конгресси, 1966-ж. уюшулган, 17 тармактык профсоюзду бириктирет. С.-Л.—СССР достук коому, 1971-ж. түзүлгөн.

Экономикасы. С.-Л.— экономикасы начар өнүккөн өлкө. Тоо-кен о. ж. бир аз өнүккөн. Жамааттык жер ээлеечүлүк басымдуу. 3,6 млн *га* жери иштетилет; шалбаа м-н жайыт 2,2 млн *га*. Шалы, маниок, жүгөрү, таруу, ак жүгөрү, батат, май пальмасы, кофе, какао.



Фритаун ш-ның борб. көчөлөрүнүн бири.

имбирь, цитрус өсүмдүктөрү, жер жаңгак өстүрүлөт. 1975-ж. 290 миң уй, 66 миң кой, 173 миң эчки болгон. Тамак-аш, жеңил, жыгач о. ж. ишканалары иштейт. Нефть ажыратуу з-ду, алмаз кырдоо ф-касы ж. б. бар. 1974-ж. 230 млн *квт·с* электр энергиясы алынган. Автомобиль жолунун уз. 8 миң км (1973). Негизги порту — Фритаун. Эл аралык маанидеги аэропорту бар. Сыртка алмаз, темир, пальма жаңгагы, какао, боксит ж. б. чыгарып, о. ж. товарларын, азык-түлүк, машина ж-а жабдуулар ж. б. алат. Соода шериктери: Улуу Британия, Нидерланд, Япония, ГФР, АКШ. Акча бирдиги — леоне, 0,9883 леоне АКШнын 1 долларына тең.

Эл агартуусу. 70-жылдары калкынын 80%тен ашыгы сабатсыз болгон. Милдеттүү башталгыч билим берүү киргизилгенин м-н балдардын 40% гана окуйт. Башталгыч мектеп 7 жылдык, орто мектеп да 7 жылдык. Окуу англис тилинде. Кесиптик-тех. даярдык башталгыч мектептердин базасында жүргүзүлөт, башталгыч мектеп мугалимдерин пед. окуу жайлары даярдайт. С.-Л-да ун-т, 2 тех. ин-т ж. б. бар. «Ви юн» (1963-жылдан), «Дейли мейл» (1931) газеталары чыгат, радио уктуруу иштейт.

Ад.: Мәдор Ю., Сьерра-Леоне вчера и сегодня, М., 1961; Прибытковский Л., Фридман Л., Сьерра-Леоне, М., 1964.

СЬЕРРА-НЕВАДА — АКШнын түш.-батышындагы кырка тоо. Кордильеранын батыш тилкесинде. Чоң Бассейн бөксө тоосун Калифорния ороонунан бөлөт. Уз. 750 км, бийикт. 4418 *м* (Уитни чокусу). Батыш капталы жантайыңкы, терең ороондуу, нымдуу; дайыма жашыл бадал өмөнү (1000 *м* бийиктикке чейин), пийне жалбырактуу токой (3000 *м*ге чейин), альп шалбаасы (3000 *м*ден жогору) өсөт. Чыгыш капталы тик, капчыгайлуу. Мырза карагай ж-а сейрек токой өсөт. Чокулары моңгулуу.

СЭВ, к. *Экономикалык өз ара жардамдашуу совети.*

СЮЖЕТ (фр. sujet — персе, предмет) — сөз. ад-т илиминде басымдуулук кылган көз караш б-ча прозалык же драмалык чыгармадагы окуялардын системасы; өөрчүп отурган кыймыл-аракеттердин жыйындысы. Дүйн. ад-т таанууда С. термининин синоними катары *фабула* термини колдонулат. Бирок айрым илимпоздор ал эки терминге башка-башка маани берүүгө аракет кылышат. Бул көз караштан алып караганда С. деп чыгармада окуялар системасынын же жеке бир окуянын ырааттуу баяндалышы, ал эми фабула деп андагы негизги көрөм конфликт аталат. С-ти композициянын бир формасы, турмушту аңдап билүүнүн каражаты, болмуштун концепциясы деп караган илимпоздор да бар. М. Горький С-ти «адамдардын байланышы, карама-каршылыктары, симпатия менен антипатиясы, жалпы жонунан өз ара мамилелери», о. эле «тиги же бул мүнөздүн, типтин өсүш жана түзүлүш тарыхы» деп белгилеген (Собр. соч., т. 27, с. 215). С. чыгарманын мазмунун да, формасын да жаратууга тике катышып, башы, ортосу, аягы бар бүткүл бир окуя катары көрүнөт. Бүткүл окуянын ар кайсы бөлүктөрү С-тин элементтери (экспозиция, окуянын чиеленүүсү, өнүгүшү, кульминациялык чекитке жетиши, чечилиши) деп аталат. Бирок С-тин элементтери бардык чыг-ларда ырааттуу кайталанбайт, оң-тетири түшө берет.

Лирикада ырдагы сүрөттөлгөн окуя, ал эми сүрөт өнөрүндө картинадагы сүрөттөлгөн окуя же ситуация С. деп аталат.

Ад.: Весселовский А. Н., Историческая поэтика, Л., 1940; Добин Е., Жизненный материал и художественный сюжет, Л., 1958; Шкловский В., Художественная проза. Размышления и разборы, М., 1961; Виноградов В. В., Сюжет и стиль. Сравнительно-историческое исследование, М., 1963; Тимофеев Л. И., Основы теории литературы, М., 1971.

СЮЗЕРЕН, сеньор (фр. suzerain, лат. senior — улуу) — о. кылымда Бат. Европадагы ири жер ээси. С-дин жерин пайдаланган майда феодалдар — вассалдар ага баш ийген, к. *Вассалитет.*

СЮИТА (фр. suite — катар, тизмектеш) — аспаптык музыканын циклдик формаларынын бири. С. бир көркөм идея аркылуу бириккен өз алдынча, адатта бири бирине каршы келген бөлүмдөрдөн турат. Бий С-сынын классикалык түрү 17-к-дын ортосынында (И. Я. Фробергердин чыг-ларында) калыптанган. Классикалык С-нын мыкты үлгүлөрүн И. С. Бах С-нын мыкты үлгүлөрүн И. С. Бах ж-а Г. Ф. Гендель жазган. 19—20-к-да оркестрлик түрү пайда болгон. Мындай С-лар белгилүү бир программа (Н. А. Римский-Корсаков «Шехерезада») түзүлөт. О. эле муз.-хореогр. композиция, вокалдык ж-а хордук С-лар да болот. Кыргыз музыкасында С. жазган композиторлор Т. Молдобасанов, А. Түлөев, Т. Эрматов, Н. Давлесов жана башкалар.

СЯНЬ, Сяньби — б. з. ч. 3-к-да Үчкө Монголия автономия р-нунун аймагын мекендеген. С-нин этнос теги илимде толук аныктала элек. Ошондуктан алар монголдор тобуна да, маньжур-тунгустарга да кошулат. С. башкаруучу Таныштхай (137—181) түшүндө өтө күчөп, азыркы Ляодундан Дунхуанга (азыркы Ганьсу провинциясы) чейинки аралыкты сураган. 3-к-дын 2-жарымында С. начарлап, муюп, дуань, юйвэнь, тоба деген өз алдынча урууларга бөлүнүп кеткен.

СЯНГАН, Виктория — Британия эзелги Сянгандын (Гонконг) админ. борбору, шаар. Сянган а-нын түн.-батыш жээгинде жайгашкан. Цзюлун ш. м-н админ. жактан бирге. Калкы 1,4 млн (1978). Цзюлун ш. менен т. ж. парому аркылуу байланышат. Ири порт, соода-о. ж. ж-а финансы борбору. Ун-т бар (1911-ж. уюшулган).

СЯНГАН, Гонконг — Кытайдын чыгышындагы аймак. Түш. Кытай деңизи чулгайт. Улуу Британиянын эзелги. Колония ж-а арендаланган Жаңы аймак болуп, 2 бөлүктөн турат. Аянты 1045 км². Калкы 4,8 млн (1978). Админ. борбору — Сянган ш. (калкы 1,4 млн). Жээктери булуң-буйткалуу. Тоолорунун бийикт. 939 *м*ге чейин. Климаты муссондук. Жылдык жаан-чачыны 2000 *мм*ге чейин. Дайыма жашыл тропик токою өсөт. Элинин 98% кытайлар. Официалдуу тили — англис ж-а кытай тилдери. Орт. жышт. 1 км²ге 4 миң киши.

С-дын экономикасында реэкспорттук соода ж-а транзиттик операция маанилүү орунда. Тигүү, текстиль, тамак-аш, тамеки, бут кийим, электроника ж-а электр тех., саат, кеме куруу ж-а ремонттоо, нефть-химия ө. ж. бар. Темир. каолин, кварц кавын алынат. 1977-ж. 8,2 млрд *квт·с* электр энергия өндүрүлгөн. Шалы, жашылча, гүл өстүрүлөт. Чочко ж-а үй канаттуулары багылат. Балык кармалат. Сыртка кийим, кездеме, электроника, электр тех. ж-а металл иштетүү ө. ж-ның продукцияларын, оюнчук ж. б. чыгарып, азык-түлүк, отун, ювелир буюмдары, машина ж. б. алат. Соода шериктери — АКШ, Япония, КЭР, Улуу Британия ж. б. С.— эл аралык валюта-финансы борбору. Акча бирдиги — сянган доллары, 4,85 сянган доллары=1 АКШ доллары.

СЯНЦЗЯН — Кытайдагы дарыя. Уз. 801 км, алабынын аянты 94,9 миң км². Наньлин тоосунан башталып, Дунтинху көлүнө (Янцзы д-нын алабы) куят. Жамгыр сууларынан куралат. Жайында кирип, кышында тартылат. Деңгээли 12,8 *м*ге чейин өзгөрөт. Орт. чыгымы төмөнкү агымында (Сянтань ш.) 2270 *м³/сек*. Сянтань ш-на чейин кеме жүрөт. Жээгинде Чанша ш. жайгашкан.

Т

Т — азыркы кыргыз алфавитиндеги жыйырма экинчи тамга; уччул, жарылма, каткалаң, апикалдуу «т» үнсүз тыбышын туюнтат.

ТААЖЫ — мамлекеттин жеке бийлөөчүсүнүн (кан, падыша, король ж. б.) бийлик абалын күбөлөөчү баш



1



2



3

1. Мономахтын тебетейи. 2. Австрия (Ыйык Рим) императорунун таажысы. 3. Венгр королу ыйык Стефандын таажысы.

кийим. Монархиялык бийликтин белгиси катары ар кандай формада алтын, күмүш ж-а асыл таштар м-н кооздолуп жасалган. Т. байыркы дүйнө мамлекеттеринде (Шумер, Аккад, Байыркы Египет, Байыркы Рим ж. б.) пайда болуп, Батыш Европага өткөн феодализм мезгилинде кеңири тараган.

ТААЖЫ РАЗРЯД, электр таажысы — *булбулдөө разрядының* бир түрү; ал бир тектүү эмес электр таласы бир же эки электродго чукул жакындаганда пайда болот. Т. р. убагында бул электроддордун айланасындагы пайда болгон жаркыроо таажы же таажы катмары деп аталат. Электроддордун арасындагы мейкиндикте таажыга жакын турган жаркырабаган («күңүрт») аймак тышкы зона деп аталат. Электр берүү линиясынын айланасындагы учтуу бийик нерселерде көп учурда Т. р. пайда болот. Эгер анод гана таажыланса, анда таажы оң деп аталат. Терс таажыдагы күчтүү талаа аркылуу ылдамдатылган оң иондор катоддон электрондорду кагып чыгарат. Катоддон учуп чыккан электрондор газды иондоштуруп, оң иондордун агымын пайда кылат. Эки үюлдуу таажыда эки электрод тең таажыланат. Жыштыгы 100 000 *гц* ж-а андан да чоң болгон Т. р. жог. жыштыктуу таажы деп аталат. Т. р-да электр энергиясы негизинен жылуулук энергияга айланды-рылат, б. а. согулууда иондор өз кыймыл энергиясын газдагы нейтрал молекулаларга берет. Т. р. электр чынкасында, электр боёолорунда ж-а иондоштуруучу нурлануу сапатында колдонулат.

ТААНДАР — таранчы сымалдар түркүмүндөгү куштар. Уз. 22—23 *см*, салм. 180—200 *г*, чоңдугу көгүчкөндөй, түсү кара. Кырг-нда көк моюн таан, кызыл ж-а сары тумшук чоко Т. тоолордо, деңиз деңг. 3500—4000 *м* бийикке чейин кездешет. Алар Таластан, Чүй, Фергана, Ысык-Көл, Кочкор, Ат-Башы ж. б. өрөөндөрдө жашайт. Жылдын көпчүлүк учурунда топтошуп, жарлардагы, аска-таштагы ийин, коңдолдарга уялап, апрелде 4—7 жумуртка туушат, 16—18 күн басып, июнь айында балапанын учуруп чыгарат. Т. өсүмдүк ж-а курт - кумурска жейт.



Кадимки таан.

ТААНЫМ ТЕОРИЯСЫ, гносеология, эпистемология — философиянын таанымдын табиятын ж-а мүмкүнчүлүгүн, билимдин болмушка мамилесин изилдеген бир бөлүмү. Т. т. тааным натыйжасын болмушту туура туюндурган билим катары кароого мүмкүндүк берүүчү жалпы негиздерди иликтейт. Ар кандай Т. т. философиянын негизги мәселесин чечүүдөн башталат. Ошондуктан Т. т-нын бардык түрлөрү матер. же идеалисттик болуп бөлүнөт.

Античный философияда Т. т-нын башкы мәселеси билим м-н пикирдин, акыйкат м-н адашуунун өз ара катышы болгон. Билимди нерсенин өзгөчө көчүрмөсү деп эсептешип, бул талашсыз акыйкат катары саналган. Талаш-тартыш негизинен билимдин пайда болуу процессин айкындоонун айланасында жүрүп, субъектинин тааным процессиндеги активдүүлүгүн түшүнүшкөн эмес. Т. т-нын өнүгүшүнө 17—18-к-дагы европ. философия зор салым кошкон. Т. т. философияда башкы орунду эсептеп, «мен» ж-а тышкы дүйнөнүн байланышы ж-дөгү маселе көңүлдүн борборунда туруп, бардык билимдердин башаты ж-а негизи болгон анык билимди табууга аракеттенишкен. Натыйжада рационализм ж-а эмпиризм пайда болуп, тааным процессиндеги сезим м-н акыл-эстин катышын айкындоо көздөлгөн. Немец классикалык философиясында Т. т-нын маселелери тааным ж-а практиканын тарыхый өнүгүшүн иликтөөгө байланышкан. И. Кант онтологиялык оболголорго көз карандысыз «таза» Т. т-н түзүүгө аракеттенген. «Тааныла элек нерсе», б. а. болмуш таанымдын субъектисине көз карандысыз жашайт, ал эми субъектинин тааным билгендери аның өз чыг-лыгының натыйжасы экендигин ырастаган. Канттан кийинки немец классикалык философиясы гносеологиялык ж-а онтологиялык маселелердин ажырымдыгын жоюуга аракеттенген. Бул Г. Гегелдин философиясында айкын көрүнөт. Гегель объект м-н субъектини карама-каршы коюу бир жактуу экендигин, алар диалек. өтмө катар байланышта болорун белгилеп, диалектика, логика ж-а Т. т-нын дал келүү принцибин идеалисттик мүнөздө негиздеген. 20-к-да Т. т-нын тарыхында биринчи жолу идеалисттик эмпиризм (махизм, неореализм) аң-сезимден тышкары жашаган реалдуулук бар экендигин моюнга алды. Азыркы бурж. философиянын айрым багыттары (логикалык позитивизм, неопозитивизм, аналитикалык философия) философиянын классикалык маселелери маанисин жоготту, Т. т-нын маселелери жалган дешет. Марксчыл-ленинчил Т. т. гносеологиялык идеализмдин ар кандай түрүн четке кагып, философиянын башкы маселесин айныбас материалистче чечет. Болмуш адамдын аң-сезимине көз карандысыз жашайт. Аны адам аң-сезими аркылуу тааныш билет. Марксчыл-ленинчил Т. т. өзүнө чейинки матер. багыттын жонокой гана уландысы эмес. Ал түзүлүшү, мазмуну, философиянын башка бөлүктөрү м-н байланышы б-ча терең өзгөргөн. Ал диалектика, логика ж-а Т. т-нын дал келүү принцибин матер.-диалек. негизде түшүнөт. Марксчыл-ленинчил философияда «таза онтология» да, «таза гносеология» да жок. Ар кандай филос. ири маселени чечүүдө аның онтологиялык ж-а гносеологиялык жактары бириндикте каралат. Марксчыл-ленинчил Т. т. тааныымдын социалдык мүнөзүн, тааныымдын субъектиси элден таптакыр болүнгөн индивид эмес, белгилүү бир коомдун мүчөсү экенин айкындады. Тааным процессинин жалпы схемасын Ленин мындайча белгилеген: «Жандуу баамдоодон абстракциялык ойлоого карай жана андан практикага карай — акыйкатты таанып-билүүнүн, объективдик реалдуулукту таанып билүүнүн диалектикалык жолу мына ушундай» (Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 38-т., 178-б.). Адам дүйнө ж-до алгачкы маалыматтарга сезим тааныымы (түюм, кабыл алуу, элестетүү) аркылуу ээ болот. Тааныымдын терендеши ж-а кеңейиши абстрактуу ойлоодо (түшүнүк, ой-пикир, бүтүм) ишке ашат. Практика тааныымдын негизи ж-а максаты гана эмес, акыйкаттын критерийи да болуп эсептелет. Матер. Т. т-нын негизи — чагылуу принциби. Диалек. материализм адамдын чагылдыруу бөтөнчөлүгү активдүү практикалык иш-аракеттин негизинде жүрөрүн аныктады. Т. т. жалпы эле илимдин өнүгүшү м-н тыгыз байланышта болот. Диалек.-матер. Т. т. атайын илимдердин тааныымга байланышкан маалыматтарын пайдаланат, алардын филос.-методол. негизи катары эсептелет.

Ад.: Маркс К., Экономико-философские рукописи 1844, в кн.: Маркс К., Энгельс Ф., Из ранних произведений, М., 1955; Энгельс Ф., Анти-Дюринг, Фр., 1964; Ленин В. И., Материализм жана эмпириокритицизм, Чыг., кырг. 1-бас., 14-т.; ошонуку, Философиялык дептерлер, Чыг., кырг. 1-бас., 14-т.; Хилл Т. И., Современные теории познания, пер. с англ., М., 1965; Современные проблемы теории познания диалектического материализма, *ж*. 2, М., 1970.

ТААР — жүндөн же кебезден өрмөктө токулган одуракай материал. Эни 30—35 *см*дей болот. Т. кочмөн мал чарбачылык турмушка байланыштуу пайда болгон эң байыркы материалдардан. Т-дан эркектердин чепкени ж-а шымы, кийин боз үйдүн жасалгалары, ат жабдыктар, баштык, кап ж. б. жасалган. Кийимге арналган Т. тоонун же койдун боёлгон жүнүнөн согулган. Койдун жүнүнөн басма (темме) деген күрөң түстөгү өтө тыгыз ж-а бышык таар (тасма) терилбей согулган. Төө жүнүнөн ак саргыл түстөгү пиязы тасма токулуп, ат жабуусу (дыкак) жасалган. Ак, күрөң, боз эриштерден токулган ала Т-дан кийим-кечеден башка кап, куржун, шалча ж. б. буюмдар даярдалган. Түн. Кырг-нда терме Т-дан дасторкон да жасашкан. 19-к-дын аягынан мындай Т-лар фабрикада токула баштайт.

Терме Т-дын жиби (эриши) көк, кызыл, сары түскө боёлгон ж-а боёксуз жиптер м-н аралаш токулган. Кыргыздын терме Т-ынын түсү контрасттуу, б. а. жанаша токулган кызыл м-н көк, ак м-н кызыл, ак м-н күрөң, сары м-н көк жиптер (түрлөр) түзөт. Кептеленген Т. токулушуна карай: терме Т., кажары (гажары, букары) Т., беш кепте Т. болуп бөлүнөт. Мындай терме Т. жерге салуу үчүн, палас катары Кырг-ндын бардык аймагында, тилке жол-жол кажары ж-а беш кепте Т. Кырг-ндын түштүгүндө гана токулат.

Азыркы убакта кептеленген Т. О. Азияда, Каз-нда көп токулат. Ал Кырг-нда мурдагыдай өрмөктө же өлдик көркөм кол өнөрчүлүк бирикмелеринде согулат. Кептеленген Т. анчалык байкалбаган аркак эки түстүү (эки кабат) контрасттуу эришке оймо түшүрүлүп токулат.


Терме Т. бир аз одуракай келип, оймо-чиймеси ар кыл, геометр. кептелердин негизи м-н солокоту (фону) даана байкалат. Боз үйдүн жасалгасына карай терме Т. эни 4—70 *см*дей токулуп, андан тизгич боо, чалгыч боо, эшик боо, үзүк боо, түндүк боо, туурдук боо, тегирич, кереге такуу ж. б. жасалат, о. эле терме Т-дан шалча, баштык, ат жабуу (дыкак) тигилет.

Кажары Т. жумшак ж-а тыгыз токулат да, кептелери өзүнүн эриши м-н бир гана бетине түшүрүлөт, б. а. Т-дын үстү жагында түстүү, астында түссүз «бош» эриштер болот. Токуу процессинде түстүү эриштер терилип-кептелеп согулат.

Беш кепте — ото кооз ж-а коркомдуу Т. Ага эки аркак өткөрүлөт: биринчиси — жонокой (боёлгон) аркак; экинчиси — түр (кызыл, көк, сары, жашыл) аркак, б. а. ушул аркак м-н беш кептенин бетине (үстү жагына) ар кандай түрдөгү ж-а түстөгү ото татаал оймо-чийме түшүрүлөт. Беш кептеден ар кандай үй буюмдары тигилет же башка Т-дын арасына коркомдук үчүн кошулат.

Ад.: Мошкова В. Г., Ковры Средней Азии; Таш., 1970; Антипина К. И., Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов. Фр., 1962.

ТААРЫГЫЧТАР — *жаргак канаттуулардын* үч тукумунун (кадимки, өрмөкчү ж-а сабакчы Т.) жалпы аты. Жер жүзүндө 5000дей, СССРде 1500гө жакын, Кырг-нда 140тан ашуун түрү кобурчо токой зоналарында таралган.



Таарыгычтар: *1* — чие таарыгычы, *а*) личинкасы; *2* — барсылдак таарыгычы, *а*) личинкасы.

Т. ж-а алардын личинкалары өсүмдүк м-н азыктанат, кээ бирлери жырткыч. Т. араа сыяктуу жумуртка салгычы м-н өсүмдүктөрдүн жумшак тканын таарып, оюп (аты ушундан келип чыккан), ага жумуртка туурт. Кээ бир өрмөкчү Т. жумурткаларын пийне жалбырактуулардын бутактарына тобу м-н туурт. Кадимки Т-дын личинкалары көпөлөктүн малагына окшош келип, курсагында 6—8 жуп жалган буттары болот. Өрмөкчү Т-дын личинкалары топтошун жашап, желелүү уяларын куруп, коргонушат. Сабакчы Т-дын личинкалары өсүмдүк сабагында, бак-даректын жаш бутактарында көмүскө өөрчүшөт; личинкалары өнүсүз, көкүрөк буту өсүп жетилбеген. Т-дын көпчүлүгү топурактa куурчакчага айланат. Т.— өсүмдүк зыянкечтери.

Ад.: Скорикова О. А., Пилильщики, вредящие плодоводным культурам, М.—Л., 1960.

ТАБАК — тамак-аш салынчу, куюлчу тегерек, тайпак же чуңкур идиш. Т. алгач жыгач, чопо, чыны (фарфор), кийин темир, алюминий, жез (мис), пластмассадан жасалган. Б. з. ч. 1-миң жылдыкта жыгач, чопо Т. пайдаланылган. Жыгачтан (арча, кайың, тал) чабылып, оюлуп же кырылып жасалган. Т. жарылып кетпес үчүн майланган же майлуу суюга (кээде сорпого) салып, кайнатылып бышыкталган, отко какталып карартылып, кара Т. деп аталган. Кээде Т-ты майлоодон мурун ага жоюу сүртүлүп, көрк берилип, кызартылып, айрым




усталар Т-тын айлана-четине 2—3 сызык (оймо-чийме) түшүргөн. Бул кырбы же кобул делет. Жыгач Т. сырдалса, сыр Т. деп аталат. Жыгач Т-тын чуңкуру 6—12 *см*; диаметри 20—40 *см* болуп, түбү кууш ж-а тегерек. Кочмөн турмушка байланыштуу жыгач Т. кыргыздарда көп урунулган. Чопо Т. эки түрдүү ык м-н жасалган: 1) чопо ийленип, кол м-н; 2) ийленген чопо калыпка (жө дүкөнгө) куюлуп, оймо түшүрүлүп, отко бышырылып, сырдалып кооздолгон. Булар таш Т. же сопол Т. делген. Чопо Т-ты даярдоонун технологиясынын өркүндөтүлүшүнө байланыштуу б. з. 6—10-к-нда фарфор Т. пайда болгон. Темир доорунан темир Т., жез (мис) Т. пайда болгон. Азыр атайын о. ж. ишканаларында Т. ар кыл материалдардан (цинктелген калай, алюминий, пластмасса) жасалат. «Кыял» бирикмеси карападан сувенир Т. чыгарат.

ТАБАЛДИЕВ Асанбек [25. 1. 1935, Нарын обл., Тянь-Шань р-ну, Жерге-Тал (Жаңы-Талап) кыш.— 14. 12. 1975, Фрунзе ш.] — философ, филос. илимд. доктору (1971), Кыргыз ССР ИАга корр. мүчө (1974). 1961-жылдан КПСС мүчөсү. Нарын пед. окуу жайын (1952), КМУнун тарых ф-тетин (1957) бүткөн. КМУнун филос. кафедрасында лаборант (1957—59), ас-



А. Табалдиев.



Г. В. Табидзе.

пирант (1959—62), окутуучу (1962—64), тарыхый материализм кафедрасына башчы (1964—73), 1973-ж. ноябрдан КСЭнин башкы редакторунун биринчи орун басары, 1975-ж. апрелден башкы редактор болуп иштеген.

Т.— тарыхый материализм, социология б-ча белгилүү адис. Анын ил. эмгектеринде улут маселесиндеги эки тенденция, кыргыз элинин коомдук ан-сезим закон ченемдери изилденген. Коммунизмди куруу мезгилинде соц. улуттардын жакындашуу маселелери, улут тууралуу кээ бир түшүнүктөр ж-дегу ж. б. жыйнактардын редактору. Анын эмгектеринде марксчик идеология кыргыз элинин духовный турмушунун саясий ж-а теориялык негизи болуп калгандыгы чечмеленген. Ил. изилдөөлөрүнүн натыйжалары 20дан ашык бүткүл союздук ж-а респ-калык ил. конф-яларда, симпозиумдарда баяндалган. Т-дин чыгылгында социалдык публицистика көрүнүктүү орун ээлеген. Анда турмуштагы жаңылыктар даңазаланып, эски көрүнүштөр курч ашкереленген.

Эмг.: Жаңы адам жаңа бой убакыт, Фр., 1962; Салт жөнүндө ой, Фр., 1965; Турмуш-тиричилик маданияты, Фр., 1966; XXV съезд жаңа лениндик улут саясатынын салтанаты, Фр., 1972; Октябрга эстелик, Фр., 1979; Актуальные вопросы социологического исследования национальных отношений в СССР, «Философские науки». 1971. № 2.

Лит.: Асвийбек Табалдиев, к-пте: Артыкбаев К., Мезгил элестери, Фр., 1979. 156-б.

ТАБАРИ, ат-Табари Абу Жафар Мухаммед ибн Жарир (838 же 839, Амоль, Табаристан обл., азыркы Иран — 923, Табаристан) — араб тарыхчысы ж-а дин үгүтчүсү, «Пайгамбарлар менен падышалардын тарыхы» деген чыгарманын автору. Т-нин бул чыгармасында байыркы убактагы ж-а о. кылымдагы Ж. Чыгыш, айрыкча 915-жылга чейинки Араб халифтиктеринин тарыхы б-ча көп факт келтирилип, окуялар так баяндалган. Т-нин «Тарыхын» кийинки араб историографиясынын жалпы тарыхын изилдеген негизги дарек катары пайдаланышкан. Т. *Куранга* көп томдуу «Тафсир» деген түшүндүрмө жазып, андагы материалдарды сын көз м-н талдаган.

Чыг.: Тарих ар-русул ва-ль-мулук, т. 1—3, Каир, 1960—62 (рец. П. А. Грязневича, «Народы Азии и Африки», 1964, № 3).

ТАБАРСЫК — кээ бир *омурткасыздардын*, көпчүлүк *омурткалуулардын* ж-а кишинин сийдик жыйма органы. Омурткасыздардын Т-ы жалгыз (мис., бурамалоочуларда), көп (сүлүктордо) ж-а жуп (жог. *рак сымалдарда)* болот. Омурткалуулардын Т-ы жалгыздан. Айрым *сойлоочуларда* (крокодил, жылан) Т. *рудимент органдары* катары кездешет, куштарда болбойт. Кишинин Т-ы — жамбаштын кичине чарасында жайгашкан булчундуу көндөй орган. Анын сыйымд. 500 *см*^{3}, чоюлганда андан да көп болот. Бөйрөктөн ар бир 10—20 *секда* сийдик келип турат. Т. толгондо, анын рецепторлору дүүлүгүп, сийдик чыгууга өзөктүн булчундары бошоп, сийдик сыртка чыгарылат.

ТАБАРСЫКТЫН БОШТУГУ — сийдиктин эрксиз чыгышы. Көбүнчө улгайган аялдар жөтөлгөндө, чүчкүргөндө, бир аз жүк көтөргөндө заарасын кармай албай калат. Ал табарсык ж-а сийдиктин сыртка чыгаруучу өзөктүн учундагы булчундары бошогондо, жатындын түшүшү, о. эле табарсыктын кээ бир ооруларында, климакста пайда болот. Дарылоодо *айыктыруу физкультурасы, проверин* ж. б., натыйжа болбосо — хирургиялык жол колдонулат. Балдарда Т. б-н к. *Энурез*.

ТАБАСАРАНДАР — Дагстан АССРинин түш.-чыгышында жашаган эл. Саны 55,2 миң (1970). Табасаран, о. эле лезгин, аверб-н ж-а орус тилдеринде сүйлөшөт. Динге ишенгендери — мусулман-сунниттер. Мад-ты ж-а үй тиричилиги жагынан лезгиндерге жакын. Т-дын көбү а. ч-да иштейт. Кол өнөрчүлүк, өзгөчө килем токуу өнүккөн.

Лит.: Народы Кавказа, т. 1, М., 1960.

ТАБЕЛЬ (лат. tabula — такта, таблица дегенден) — 1) бир нерсенин белгилүү бир тартиптеги таблицасы, тизмеси; 2) жумушчулар м-н кызматчылардын иште келим-кетимин эсептөөдө колдонулчу жетондуу такта ж-а жетондун өзү.

ТАБЕТ Антуан Жорж (Табит Антун) (13. 6. 1907, Ливан, Бхамдун — 16. 5. 1964, Москва) — ливан архитектору, коомдук ишмер ж-а публицист. Бейруттагы Жог. инженердик мектепти (1927) ж-а Париждеги САны (О. Перреден таалим алган) бүткөн. Өзүнүн кубулуштарында [«Акыл колледжи». Бейрут, 1938. Хазмия ш-ндагы (Бейрут р-ну) турак жай имараттары] Ливандын климат шартын эске алып, азыркы европ. арх-ра үлгүлөрүн пайдаланган. Бейрутта Антифаш. конгрессти чакырууну уюштурууга (1939, май) катышкан, анда фашизм ж-а нацизм м-н күрөшүү лигасы түзүлгөн. 1950-ж. Тынчтыктын алтын медалы м-н сыйланган. «Тарих» журналын негиздөөчүлөрдүн (1941) бири. 1946—48-ж. СССР досторунун Ливан коомунун пред-ли. 1949-жылдан тынчтыктын Ливан улуттук советинин пред-ли, 1950-жылдан Тынчтыктын бүткүл дүйн. Советинин Президиумунун мүчөсү, «Элдер ортосунда тынчтыкты чыңдаганы үчүн» эл аралык Лениндик сыйл. (1961) лауреаты.

ТАБИГИЙ АЙМАКТЫК КОМПЛЕКС, географиялык комплекс, геосистема — бирдиктүү материалдык системаны түзүүчү табигый, геогр. компоненттердин (жер бетинин рельефи м-н бирге климат, аба массасы, жер бетиндеги суулар, топурак, жаныбарлар дүйнөсү) бирибири м-н тыгыз байланышып, өз ара аракетте болуп, закон ченемдүү айкалышы; физ. географиядагы негизги түшүнүк, ландшафт таануу ж-а жер таануу илимдеринде кеңири колдонулат. Т. а. к. деп ар кандай концукталган бирдиктер — фациядан тартып геогр. бирдик системасы түшүнүлөт. Бул бирдиктер физ. география ж-а ландшафт таануу илимдеринин изилдөө объектилери болуп саналат.

ТАБИГИЙ БУЛАЛАР, к. *Текстиль булалары*.

ТАБИГИЙ КАУЧУК — осумдуктордо пайда болуп, *вулканизация* процесси менен резинага айлануучу полимер. Т. к.— ири молекулалуу бирикме. Кадимки шартта сергилгич каспетке ээ. Ал *каучуктуу осумдуктордун* латексинде (сүтүндө) болот. Латекстен кумурска, козу кулак же уксус к-талырынын жардамы м-н *коагуляция* жолу аркылуу бөлүп алынат. Алынган көпшөк коюу Т. к. суу м-н жуулуп, жалпак абалга келтирилип, кургатылып, түтүн толтурулган камерада ысытылат. Ыш аны кычкылдануудан ж-а микроорганизмдердин таасиринен сактайт. Т. к. полиизопрен (C_5H_8) 91—96%, белок 2,2—3,8%, аминокислота 1,5—4,0%, олеин, стеарин, линол к-талары, каротин ж. б-дан турат. Булардан башка өтө аз өлчөмдө жездин, марганецтин, темирдин бирикмелери ж. б. болот. Т. к. сууда түруктуу, бензол, толуол, ксилол, бензин, хлороформ ж. б. орг. эриткичтерде жакшы эрийт. Т. к. резинасы сергилгич, бышык, сууска чыдамдуу. 10°Сден жог. темп-рада аморфтук каспетке ээ. Т. к. когезиялык өтө бышыктыгы м-н айырмаланат (к. *Когезия*). Машиналардын айрым детиктерин жасоодо эң маанилүү материал. Негизинен шина, резина-техника ө. ж-нда, электр изоляциялык материалдарды, резина желимин жасоодо кеңири колдонулат.

ТАБИГИЙ КҮЙҮҮЧҮ ГАЗДАР — жер кыртышында пайда болгон газ түрүндөгү углеводороддор (метан, этан, пропан, бутан). Кээде Т. к. г-да конушуп түрүндөгү оной кайноочу суюк углеводороддор (пентан, гексан), о. эле көмүр кычкыл газы, азот, күкүрттүү суутек, инерттүү газдар кездешет. Ө. ж. маанисиндеги кеңи башка кендер м-н байланышпай, өзүнчө обочолонгон газдардын чогулусу түрүндө топтолот. Нефть-газ кендеринде углеводород жарым-жартылай, же толугу м-н эриген түрде

же газ түрүндө болуп, кендин үстүнкү болүгүндө жайгашат. Т. к. г-дын көпчүлүк кени 1,5 *км*ге чейинки терендикте топтолуп, негизинен метан, аз санда аның гомологдору (этан, пропан, бутан), азот, аргон, айрым учурда көмүр кычкыл газы ж-а көмүртектүү суутектен турат. Нефть-газ (газконденсат) кендеринде метандын гомологдору метанга караганда басымдуу болот. Айрым газ кендеринде көмүр кычкыл газы, күкүрттүү суутек ж-а азот башка газдарга караганда басымдуулук кылат. Т. к. г. протерозойдун аягынан баштап бардык геол. системаларда, ар кандай терендикте (көбүнчө 3 *км*ге чейин) жолугат (к. *Нефть жана газ кендери)*. Дүйнө жүзүндө күйүүчү газдын геол. запасы 10^{15} *м*^{3}. СССРдеги ири кендери: Батыш Сибирь бассейнинде — Уренгой, Заполярье, Волга-Урал аймагында — Вухтыль, Оренбург; О. Азияда — Газли ж. б. Чет өлкөлөрдө — АКШда, Алжирде, Ирандa, Нидерландда бар. Кыргызстандагы кендери: *Майлы-Суу нефть жана газ кени, Кызыл-Алма кени, Чаңгыр-Таш нефть-газ кени* ж. б. Т. к. г. жог. сапаттуу жылуулук берүүчү, үнөмдүү отун катары пайдаланылат. Составында углеводороддор бар газдар метил спиртин, формальдегид, ацетальдегид, уксус к-тасын, ацетон ж. б. орг. бирикмелерди алууда колдонулат.

Лит.: Газовые месторождения СССР. Справочник, 2 изд., М., 1968; Еременко Н. А., Геология нефти и газа, М., 1968.

ТАБИГИЙ РЕСУРСТАР — табияттын адамдын жашоосуна өтө керектүү, коомдун материалдык ж-а маданий муктаждыгын канааттандыруу максатында чарбада пайдаланылуучу элементтери. Т. р-га күн энергиясы, деңиз ташкыны м-н тартылышынын энергиясы, жер терециндеги жылуулук, суу, жер минерал сырьёлору, өсүмдүк, жаныбарлар дүйнөсү кирет. Адамдын күчү м-н иштелип, азыктүлүкө, сырьёго, энергияга айланган Т. р. материалдык ресурстар деп аталат. Адам аларды өз пайдасына иштетүү процессинде табияттын айрым элементтерине таасирин тийгизип, табият комплексин өзгөртүп жиберет. Антпесе ал элементтер бири-бирин м-н тыгыз байланышта. Т. р. түгөнүп бара жаткан, аның ичинен калыбына келтирүүгө болбо турган (топурак, өсүмдүктөр), калыбына келтирүүгө болбой турган (кең байлыктар), түгөнбөгөн (шамал энергиясы) болуп бөлүнөт. Т. р. социализмге чейинки коомдук формацияларда (айрыкча капитализмде) жүйөсүз, эсепсиз пайдаланылгандыктан коом м-н табият ортосундагы өз ара аракет начарлаган. Өндүрүш каражаттары коомдук менчик болгон, чарбасы пландуу өнүккөн соц. коомдо гана Т. р-ды туура пайдалануу жолго коюлду. Азыр Т. р-ды рационалдуу пайдалануу аркылуу адам коомун түрдүү ресурстар м-н узак камсыз кылуу — өтө маанилүү маселе. Т. р-дын жаңы запастарын изилдөөгө зор күч жумшалууда. Адам коомун өнүктүрүүнүн негизги жолдорунун бири—арзан сырьёну кеңири колдонуу ж-а Т. р-ды саламжалдуулук м-н толук пайдалануу. Дүйнө жүзүндө Т. р-ды коргоо маанилүү маселеге айланды, к. *Табиятты коргоо*.

Лит.: Арманд Д. Л., Нам и внукам, 2 изд., М., 1966; Мельников Н. В., Проблемы использования природных ресурсов, М., 1967; Природные ресурсы и экономическая география СССР, М., 1971.

ТАБИГИЙ ТАНДАЛУУ — тирүү организмдер эволюциясынын негизги кыймылдаткыч күчү. Т. т. ж-дегу ил. теорияны Ч. *Дарвин* түзгөн (1858). Анын ою б-ча Т. т.— «пайдалуу көбүрөөк ыңгайланган организмдердин жашап калуусу». Т. т-га айрым организмдер гана эмес, алардын топтору да (популяция, түрчө, раса) дуушар болот. Үзгүлтүксүз болуп туруучу мутациялык процесс ж-а эркин аргындашуу организмдин генотибин өзгөртүп, популяциянын генетикалык түрдүүлүгүн камсыздайт. *Мутациялар*, алардын комбинациялары фенотипте чагылдырылып, организмдердин фенотиптик айырмаланышына шарт түзөт. Натыйжада популяцияны түзгөн айрым организмдер чөйрөнүн шартына түрдүүчө жооп кайтарат. Организмдердин биол. сапатынын ар түрдүү болушу ж-а тез көбөйүшү керектүү азыктын, жашаган жайдын жетишпөөсүнө, бул болсо организмдердин ортосундагы *жашоо үчүн күрөшкө* түртүк берет. Жашоо үчүн күрөштө популяцияны түзгөн организмдердин бир катары өлүп жок болот, кээси аман калат. Күрөш канчалык курч болсо, өлүмгө учурагандар ошончолук көп болуп, Т. т. күчтүү өтөт. Өлүм болбогондо, о. эле чөйрөнүн кескин өзгөрүүсүнөн организмдер кырылганда Т. т. болбойт. *Жасалма тандоону* кишилер жүргүзсө, Т. т. организмге чөйрөнүн тийгизген таасири аркылуу ишке ашат. Т. т. белгилүү деңгээлде түрүүчү ж-а алга түртүүчү (кыймылдатуучу) болуп болүнөт. Белгилүү деңгээлде түрүүчү Т. т. организмдин кайсы бир тобу жатаган шарты туруктуу кезде болот. Алга түртүүчү же кыймылдатуучу Т. т. чөйрөнүн өзгөрүлмө шартына көпө албагандар өлүмгө дуушар болуп, ал эми өзгөрүүлөргө туруштук бергендердин тукум куучу найдалуу өзгөргүчтүгүнүн натыйжасында жүрөт. Т. т. *фенотип* б-ча жүрөт, бирок *генотиптер* тандалат. Т. т-нун маанеси — организмдердин тирүү калышында гана эмес, тирүү калгандардын тукум калтырышында.

Лит.: Дарвин Ч., Сочинения, т. 3, М., 1939; Шмальгаузен И. И., Факторы эволюции, 2 изд., М., 1968.

ТАБИГИЙ ЧАЙЫРЛАР — чайырлуу өсүмдүктөрдө фенол. алмашуу процессинде болуңуучу түрдүү түстөгү заттар. Сууда эрибейт, спирт, эфир ж. б. орг. эриткичтерде жакшы эрийт. Ысытканда жумшарып чоюлат. Хим. составында ар түрдүү таталл орг. бирикмелер бар. Т. ч. турмушта эң кеңири колдонулуп келген. Азыр синтет. чайырлардын өнүгүшүнө байланыштуу көп пайдаланылбайт. Маанилүүсү канифоль, акак ж. б. Т. ч. самын даярдоодо, медицинада, косметикалык заттарды жасоодо колдонулат.

ТАБИДЗЕ Галактион Васильевич [6 (18). 11. 1892, Кутаисиге жакын, Чквиниси кыш.— 17. 3. 1959, Тбилиси] — грузин совет акыны, Грузин ССР эл акыны (1933), Грузин ССР ИАнын акад. (1944). Мугалимдин үйбүлөсүнөн. 1908-жылдан Тбилиси диний семинариясында окуган. Алгачкы ыр жыйнагы 1914-ж. жарык көргөн. 1915-жылдан Москвада жашап, Окт. рев-ясынын жеңишин өз көзү м-н көргөн. Ырларында В. И. Ленинди, рев-яның бешиги Смольныйды даңазалайт, «Жоң Рид» (1924) поэмасында рев-я окуялары баяндайт. 1928-ж. Коминтерндин 6-конгрессинин делегаттары м-н Совет өлкөсүн кыдырып, андагы ой толгоолорун «Доор» (1930) деген поэмасында чагылткан. Грузияда Совет бийлигинин жеңишинин 10 жылдыгына арнап «Революциячыл Грузия» (1931) аттуу поэма жазган. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде «Коммунист» газетасында эмгектенип, патриоттук темада көп ыр жаратkан. Т. чыг-ларында улуттук ад-т салттарын арбын пайдаланып, поэтикалык формаларды өркүндөткөн. Чыг-лары СССР ж-а дүйнө элдеринин көп тилине которулган. Ленин ордени ж-а Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

Чыг.: в рус. пер.— Избранное, Тб., 1953; Избранное, М., 1956; Лирика, Тб., 1973.

Лит.: Маргвелашвили Г., Галактион Табидзе, Тб., 1973.

ТАБИДЗЕ Тициан Юстинович [21. 3(2. 4). 1895, Шуамта кыш., азыркы ГССР, Ван р-ну — 1937] — грузин совет акыны. Чыг-лары 1912-жылдан жарыялана баштаган. МГУну бүткөн (1917). Москвада символисттер м-н ылымдаш болгон. Грузин символисттеринин «Көгүлтүр мүйүздөр» (1915) аттуу тобун уюштургандардан. Т-нин Грузияда Совет бийлиги орногондон кийинки поэзиясын жаңырган өлкөнү даңазалаган ырлары түзөт. Интернац. темадагы ырларынын белгилүүлөрү — «А. Пушкинге» (1937), «Арменияда» аттуу цикл. Т. туюнтуунун жаңыча формаларын талыкпай издеген чебер лирик, патриотизмдин ж-а интернационализмдин жарчысы катары белгилүү. Чыг-ларын грузин совет поэзиясынын өөрчүшүнө кыйла таасир берген.

Чыг.: в рус. пер.— Избранное, М., 1957; Стихотворения и поэмы, М.—Л., 1964.

Лит.: Асатиани Г. Л., Тициан Табидзе, Л., 1958; Цурикова Г., Тициан Табидзе, Л., 1971.

ТАБИЯТ ТААНУУ — табиятты изилдеген илимдердин системасы. Т. т.

коом ж-а ойлом ж-дөгү илимдер м-н катар адам билиминин үчүнчү багыты түзөт. Ал — ө. ж. менен а. ч-нын ж-а медицинанын теориялык негизи, материализмдин ж-а табиятты диалек. түшүнүүнүн фундаменти. Т. т-нун предмети — материянын ар кандай түрү, алардын ыкмылы, байланышы, закон ченеми. Мазмуну ж-а табият кубулуштарын изилдөө методу б-ча Т. т. эмпириялык ж-а теориялык, объектиси б-ча орг. (тиричилик кубулуштарына байланыштуу) ж-а орг. эмес болуп болүнөт. Табиятты түздөн-түз үстүрт баамдоодогу (байыркы мезгилде) метафиз. көз караш (15—18-к.), андан синтездик талдоого өтүү (19—20-к.) — Т. т-нун өнүгүү жолу. 19-к-да диалектиканын Т. т-га башаламан кириши 20-к-да табият илимдериндеги кризис м-н татаалданган. Кризистин себептери ж-а андан кутулуунун жолдору В. И. Лениндин *«Материализм жана эмпириокритицизм»* эмгегинде көрсөтүлгөн. 20-к-дын жарымына чейин Т. т-нун борборунда физика турган. Ал атом энергиясын пайдалануунун жолдорун таап, микродүйнөнү, элементардык бөлүкчөлөрдү талдоого киришти. Физика Т. т-нун башка тармактарынын — астр-я (космонавтика), кибернетика, бионика, химия ж. б-нын өнүгүшүнө оболго болду. Ал химия, математика ж-а кибернетика м-н бирдикте молекула биологиясын, жасалма биосинтез маселесин теориялык ж-а эксперимент жактан чечүүгө, тукум куучулуктун материалдык маңызын ачууга, хим. байланыштын табиятын айкындоого көмөк көрсөтөт. Азыр Т. т-да бир гана физика эмес, бир нече илимдердин тобу (молекула биологиясы, кибернетика, микрохимия) башкы орунда. Азыркы Т. т. коюп жаткан филос. маселелерди терең изилдемейинче матер. диалектиканы талаптагыдай иштеп чыгууга ж-а Т. т-дагы жетишкендиктерди өз кызыкчылыгына багындырууга далалаттанган дүйнө-идеалисттик окуууларга каршы ийгиликтүү күрөшүүгө мүмкүн эмес. Коом турмушундагы Т. т-нун барган сайын өсүп жаткан ролу азыр ил.-тех. революциядан көрүнүүдө.

Ад.: Энгельс Ф., Диалектика природы, Маркс К., Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 20; Ленин В. И., Материализм жана эмпириокритицизм, Кырг. 1-бас., 14-т.; Кедров В. М., Предмет и взаимосвязь естественных наук. 2 изд., М., 1967; Авалиани С. Ш., Очерки философии естествознания. Тб., 1968.

ТАБИЯТТЫ КАЙРА КУРУУ — табиятты жакшыртуу, табигый ресурстарды толук пайдалануу ж-а өзүндүү табигый процесстерди жок кылуу максатында адам баласынын жаратылыш шартын өзгөртүшү. Соц. коомдо гана табиятты толук рационалдуу кайра куруу мүмкүн. Т. к. к. табигый шарттарды, ресурстарды ж-а процесстерди терең изилдөөдөн баштап; ошонун негизинде ж-а мамлекеттин талабына жараша Т. к. к. түзүлөт. Анда табияттын мүмкүнчүлүгү эске алынып, аймактын потенциалдык байлыгы ачык көрсөтүлөт. Т. к. планы бул байлыктарды эң чарбасында интенсивдүү пайдалануу ж-а аны үзгүлтүксүз калыбына келтирүүгө ылайыкталат. СССРдеги Т. к. к-нун эң негизги максаты — а. ч-нын өндүрүмдүүлүгүн ж-а мад-тын жогорулатуу. Буга жетишүүдөгү негизги чаралар: 1) а. ч. өсүмдүктөрүн жылуулук ж-а ным м-н текши камсыздандыруу үчүн суу балансы м-н жылуулук балансын кайра түзүү; 2) агын сууларды преттоо, эрозияны токтотуу ж-а а. ч-га жарактуу жерлерди иштетүүнү жеңилдетүү максатында микрорельефти кайра түзүү. Т. к. к. табиятты коргоо м-н тыгыз байланышта. СССРде Т. к. к. б-ча зор масштабдагы чаралар жүргүзүлүүдө: суу сактагычтарды, каналдарды куруу; дарыяларды бир алаптан экинчи алапка буруу; чоң колдордун деңгээлин сактоо (өзгөчө Каспий, Арал, Ысык-Көл); дың жерлерди, чөлдөрдү өздөштүрүү, сугаруу, саздарды кургатуу ж. б. Башка соц. мамлекеттерде да ушул сыяктуу иштер жүргүзүлүүдө (мис., Румынияда Дунайдын дельтасында). Кээ бир капит. мамлекеттерде да Т. к. к. б-ча чаралар көрүлүүдө (Нидерландда Зейдер-Зе булуңун кургатуу, АКШда эрозияга каршы ж-а гидротех. иштер ж. б.). Бирок бул өлкөлөрдө Т. к. к. проектилеринин ишке ашырылышы монополисттик капиталдын ж-а жер эзелеринин кызыкчылыгы үчүн гана жүргүзүлөт. Т. к. к-нун мүмкүнчүлүктөрүн ж-а натыйжаларын изилдөө, айрым долбоорлорго консультация берүү — соц. өлкөлөрдөгү геогр. илимдердин бирден бир милдети.

ТАБИЯТТЫ КОРГОО — бир өлкөнүн аймагында же анын айрым бөлүгүндө ж-а эл аралык масштабда адамзаттын кызыкчылыгы үчүн табиятты сактоого ж-а анын өзгөрүшүн ченемдөөгө, азык-түлүгүн арттырууга, табигый ресурстарды ж-а айлана-чөйрөнү рационалдуу пайдалануунуу камсыз кылууга багытталган табигый-ил., тех.-өндүрүштүк, экон. ж-а админ.-укуктук чаралар системасы. СССРде Т. к. эл чарбасын өнүктүрүү программасынын бир бөлүгүн түзүп, тарыхый ж-а социалдык зор маанинге ээ. Адамды курчап турган табигый чөйрө Жердин жалпы солокотүнүн калыптаныш мезгилинде, өзгөчө акыркы геол. доорлордо космос таасирнин, планетанын өз касиеттеринин ж-а Жердеги ар кандай процесстердин натыйжасында пайда болгон. Өз ара аракеттенишкен процесстердин татаал комплекси табигый чөйрөдө белгилүү олчомдо тең салмактуу абалды түзөт. Бирок, табигый корунуштордун кубаты ж-а алар м-н кошо аракетке келген заттардын көптүү айрым учурда абалдын туруктуулугун кемитет. Мына ушундай убакта жаратылыштын аз гана күчтүн патыйжасында ири, күтүлбөгөн ж-а өзүндүү өзгөрүшкө учуроо коркунучу туулат. Бул табигый чөйрөнүн морттук, жаракат, бошоңдук касиети бар экендигин ж-а ага ото кылдаттык мамиле жасоо керектигин көрсөтөт.

Жашоонун ар кандай формасы табигый чөйрө м-н дайыма тыгыз байланышта. Орг. дүйнөдө адам баласы гана өндүрүш куралдарын жасай алат. Анын табиятка болгон таасири коомдун өсүшү, калктын көбөйүшү, техниканын өөрчүшү м-н барган сайын күчөй берген, адам м-н табияттын ортосундагы аракеттер жаңы формага өткөн, алардын масштабы ж-а сапаты кескин өзгөргөн. Акыркы 150—200 жылдагы өндүрүч күчтөрдүн өсүшү, өзгөчө ил.-тех. рев-я, табигый ресурстардын маанисин, милдетин ж-а пайдалануу жолдорун ачык көрсөттү. Табигый ресурстарды пайдалануу ж-а табигый чөйрөнү өзгөртүү айрым адамдардын, фирмалардын же социалдык топтордун максаты үчүн эмес, өлкөдөгү жалпы калктын же бүткүл адамзаттын кызыкчылыгы үчүн жүргүзүлүш керек. Мындай учурда табиятта жүрүп жаткан бардык негизги процесстердин өнүгүш закон ченемин ж-а өз ара аракеттерин билүү зарыл. Ошол процесстердин бүткүл табигый кыймыл-аракеттерин ж-а процесстерге тийген тышкы таасирлердин алгачкы ж-а келечек натыйжаларын баалоого ж-а толук эске алууга мүмкүнчүлүк берет. Бирок адам м-н табияттын ортосундагы өз ара аракеттер эзелтен бери көбүнчө табигый байлыктарды ыксыз пайдалануура алып келген. Бул процесс капитализм доорунда өзгөчө күчөп, коркунучтуу мүнөзгө өткөн. Табигый байлыктарды жыркычтык м-н пайдалануу орг. дүйнөгө зор зыян келтирип, жер кыртышынын ширеси кемиди, токой аянты кескин азайды, көп сандаган айбанаттар биротоло жок болуп кетти. Ө. ж-дын өсүшү айлана-чөйрөнү булгады. Чөйрөнүн булганышы АКШ, Япония, ГФР ж. б. өнүккөн капит. өлкөлөрдө өзгөчө жог. деңгээлге жетти. Атм-ра, агын суулар, деңиз жээктери ж-а Дүйн. океан булгана баштады. Атомдук, хим., бактериологиялык ж. б. куралды чыгаруу, сактоо ж-а сыноо жаратылыш үчүн өзгөчө коркунуч туудурат. Табигый байлыктардын азайышы, айлана чөйрөнүн булганышы, көп өлкөлөрдүн өкмөттөрүн Т. к. максатында айрым чараларды көрүүгө мажбур кылды. Бирок кабыл алынган закондордун капит. өлкөлөрдө ишке ашышы оңой эмес, алар монополисттердин кызыкчылыгына кайчы келет.

СССР м-н башка соц. өлкөлөрдө табиятка кылган мамиле такыр башкача. Табигый ресурстарды пайдалануу ж-а Т. к-нун башкы принциптерин биздин өлкөдө Совет бийлигинин алгачкы жылдарында эле В. И. Ленин негиздеген. 60—70-жылдарда СССР Жог. Совети бул максатта бир катар маанилүү закондорду кабыл алды. Союздук респ-каларда Т. к. закондору бекитилди. Табигый ресурстарды рационалдуу ж-а толук пайдалануу, жер кыртышын, абаны, агын сууну ө. ж-лык, чарб. транспорттук ж. б. таштандылар, химикаттар м-н булгоого тыюу салуу, жаңы (таштандылары жок) технол. процесстерди өздөштүрүү, айлана-чөйрөнү таза кармоо б-ча бир топ иш чаралар жүргүзүлүүдө. СССРде Т. к. функциясын бир катар мамл. (СССР Мин. Советинин илим ж-а техника б-ча мамл. комитети, СССР Мин. Советинин гидрометеорол. ж-а айлана чөйрөнү контролдоо б-ча мамл. комитети, СССР а. ч. мин-восу ж. б.) ж-а илл. из. мекемелери, мамл. коруктар, коомдук уюмдар (табиятты коргоо, геогр. коом, табиятты сыноочулардын Москва коому ж. б.) аткарат. Жаратылыш ресурстарынын кескин азайышы, айлана чөйрөнүн глобалдык масштабда булганышы, экологиялык кризис коркунучу өлкөлөрдү эл аралык кызматташтыкка алып келди. Т. к. максатында Бириккен улуттар уюму (ООН) аркылуу бир катар өкмөттүк, илл. ж. б. программалар кабыл алынды. СССР ж. б. соц. өлкөлөрдө бул программалар ишке ашырылууда.

Кыргыз ССРинде Т. к. б-ча өрчүндүү чаралар көрүлүп жатат. Алар өзгөчө жер кыртышын, мал жайыттарын, байыркы жаңгак-жемиш, арча ж. б. токойлорду, Ысык-Көлдү ж. б. табигый комплекстердин байлыгын, уникалдуу каспетин сактоого багытталган. Ысык-Көл, Талас, Алай, Тогуз-Торо ж. б. Ала-Тоо аймагынын бир топ жерлери (мис., Ысык-Көл, Кулан-Корук, Саймалы-Таш, Мицбулак, Ысык-Ата ж. б.) кылымдар бою корук катары сакталып келген. Азыркы күндө Кырг-нда эки мамл. корук, бир улуттук парк ж-а бир катар корук режимине жакындатылган аймактар бар. Аларга табигый эстеликтер, илл. ж-а эстетикалык жактан маанилүү табигый комплекстер — ландшафттар (көлдөр, токой массивдери, үңкүрлөр, аска-соокалар, шаркыратмалар, булактар ж. б.) кирет.

Ад.: Арманд Д. Л., Нам и внукам, М., 1966; Всесторонний анализ окружающей природной среды, Л., 1976; Дорст Ж., До того как умрёт природа, М., 1968; Коммонер Б., Замыкающийся круг. Природа, человек, технология, Л., 1974; Любите и охраняйте природу Киргизии, в. 1—6, Фр., 1964—1970; Митрюшкин К. П., Шапошников Л. К., Человек и природа, М., 1977; Состояние природной среды в зарубежных странах, М., 1974; Фёдоров Е. К., Взаимодействие общества и природы, Л., 1972; Человек и среды обитания, Л., 1974; Человек, общество и окружающая среда, М., 1973.

ТАБОР — 1) чех, поляк, румын ж-а венгер тилдеринде лагерь, стан, кире; орус тилинде — илгери кире арабалары м-н айланта кызотко алынып бекемделген лагерь. 2) Башчысы бар көчмөн цыгандар (негизинен жеккаат) тобу.

ТАБОРИТТЕР, таборчулар — *Гуситтердин революциячыл кыймылынын* антифеод. тарабынын өкүлдөрү. Рев-ялык кыймылдын «табор жамаатына» (аталышы ушундан) түрдүү социалдык элементтер — дыйкандар, шаардык кедейлер, майда динчилер, ак сөөктөр ж-а кол өнөрчүлөр кирген. Т-дин идеологиясынын негизин «күдайдын жердеги падышалыгы» — жалпы теңдиктин ж-а социалдык акыйкаттын «падышалыгы» ж-дөгү окуу түзгөн. Т. өз ара бир пикирде болушпаса да, гусчулар кыймылынын негизги күчү болгон. Т. армиясы ошол кездеги алдыңкы согуш тактикасын ж-а техниканы колдонуп, реакциячылар уюштурган крестттүүлөрдүн беш казатынын мизин кайтарган. Т. 1437-ж. чапшиктер м-н католик лагеринин феодалдарынын биргелешкен соккусунан талкаланган.

ТАБУ—таптык коомго чейинки тыюу салуулардын кеңири тараган системасы. Аны бузуу табияттан тышкары турган күч тарабынан жазаланат имиш. Тонга а-дарындагы (*Полинезия*) жерг. элдердин Т. салтын биринчи болуп Ж. Кук жазган (1771). Полинезиялыктарда кудайларга ж-а духтарга таандык багыштоолор, жрецтерге ж-а башчыларга тийиштүү нерселердин бардыгы табуланган. Т. жеке адамдын жүрүм-турумун коллективдин кызыкчылыгына баш ийдирүү талабынан улам чыккан деп болжолдонот. Уруучулук коомдо Т. адам турмушунун бардык жагын, айрыкча экзогамиялык нике нормаларын (к. *Экзогамия, Нике)* жөнгө салып турган. О. эле тамактын айрым түрүнө тыюу салуу кеңири тараган. Т-нун калдыгы азыр да (мис., ислам дининин чочко этине тыюу салышы ж. б. сыяктуу) кезигет.

Тил илиминдө Т. өз аты м-н айтууга, атоого тыюу салынган соз. Бул диний ишенимден улам келип чыккан. Мис., кыргызда чечектин — улуу тумоо, кызамыктын кызыл гүл аталышы.

Ад.: Токарев С. А., Ранние формы религии и их развитие, М., 1964; Алдеев И., Тыюу жана диний калдыктар, Фр., 1969.

ТАБУЛЯТОР (лат. tabula — тактай, таблица, жазуу, документ) — перфорациялык картага көзөнөк түрүндө түшүрүлгөн сандуу ж-а тамгалуу информацияны автоматтык жол м-н иштеп чыга турган ж-а натыйжасын катаз тасмага же атайын бланкага (тагаз булягграммага) жазып берүүчү электромех. эсептегич машина. Ал башкармех. эсептегич машина, перфокартадагы информацияны киргизгич түзүлүштөн, мацияны киргизгич түзүлүштөн, арифметикалык ж-а эске туткуч түзүлүштөрдөн, информацияны басуучу жана перфокартага чыгаруучу түзүлүштөн турат. Берилген информациятордон турат. Берилген информацияны мүнөзүнө жараша Т. цифралуу ж-а алфавит-цифралуу болуп айрылат. Т. перфокартадагы информация б-ча түрдүү режимде иштей алат: информацияны сап түрүндө басат, жылыштыгын көшөт, комитет ж-а салыштырат.

ТАБУЛЯТТАР (Tabulata) — шуру полипитериин түкүм курут болгон классчасы. Кембрийден пермь мезгилине чейин жашаган. Т-дын 7 түркүмгө кирген 160ка жакын уруусу болгон. Палеозой чөкмөлөрүн изилдөөдө алардын маанисин бар.

ТАБУН — цианфосфор к-тасынын диметиламидинин этил эфири, $(CH_3)_2N(C_2H_5O)P(O)CN$, түссүз суюктук. Эрүү t 50°С, кайноо t 230°С. Суууда жай, орг. эриткичтерде жакшы эрийт, негиздердин таасири м-н тез гидролизденет. Т.— нерв системасын шал кылуучу уулуу бирикме. Уулануу дем алганда ж-а денеге тери аркылуу өтүүдөн болот. Абадагы 0,4 *мг/л (мин)* концентрациясы адамды өлүмгө учуратат. Т-дан сактануу үчүн противогаз колдонуу керек.

ТАБЫЛГЫ (Spirica) — роза гүлдүүлөр түкумундагы бадал. Ак гүлдөрү шыпыргы же чатырча топ гүлүнө чогулган. Уругу майда, жалпак канатчалуу. Т. мелүүн Түн. жарым шарда өсүп, 100гө жакын түрү белгилүү. СССРде 22, Кырг-нда 6 түрү кездешет. Кыргыз ССР ИАнын Ботан. багында Т-нын 45 түрү климатка байырдоо максатында сыналып өстүрүлүүдө. Кургак, боздоң, чөл жерлерде ж-а тоо беттеринде жакшы өсүп, топуракты нөшөр жаандын жуун кетишинен сактайт. Т. илгертен кеңири пайдаланылган. Анын кызыл, өтө бышык сабактарынан камчы сап, сабоо ж. б. жасалат. Азыр Т. кооздук үчүн жашылдандырууда кеңири колдонулууда. Уругунан өстүрүлөт.

ТАБЫЛГЫТЫ—Нарын обл-ныи Жумгал р-нундагы Кабак айыл советине карштуу кыштак. «Өрнөк» к-зунун аймагында. Райондун борбору Чаекten 50 *км* батыш таранта. Рыбачье т. ж. станциясынан 230 *км*. Калкы 345 (1979). Орто мектеп, китепкана, медпункт бар. Т. 1935-ж. орношкон.

ТАБЫЛГЫТЫ — Нарын обл-ныи Тогуз-Торо р-нундагы Сары-Булуң айыл советине карштуу кыштак. Киров атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Казармандан 7 *км* түн. таранта. Көк-Жыгак т. ж. станциясынан 120 *км*. Калкы 554 (1979). Башталгыч мектеп, медпункт бар.

ТАБЫЛГЫТЫ КЕҢИ — Нарын облныи Жумгал р-нундагы барит жаткан жер. Чаек кыш-нан 65 *км* түш.-батышта, Молдо-Тоо тоосунун түн. этегинде. Кенди 1948-ж. геолог М. В. Шупинский (Кыргыз ССР геол. башкармасы) ачкан. 1954-ж. Түш. Каз-м чалгындоо партиясы, 1958-ж. Кыргыз ССР геол. башкармасы геол. чалгындоо жумуштарын жүргүзгөн. Кен аймагын ордовик мезгилинде пайда болгон алевролит, кумдук, туф-конгломерат ж-а кварц-порфир тоо тектери түзөт. Бул тектер антиклинал-



С. Т. Табышалиев.



Р. Тагор.

дык бүктөлүүлөрго дуушарланып, анын түш. канаты терең жаракалар м-н тилкеленген. Бариттүү тарам жаракалардын биринде топтолгон. Уз. 330 *м*, калыңд. 1,5—7 *м*, 70—75° бурч м-н түндүкке карай жантаят. Барит майда бүртүкчолуу, бозомук, ак. Хим. составы: BaSO (29,18—61,02%), SiO_2 (0,44—28,3%), Fe_2O_3 (0,19—9,99%), CaO (0,11—5,32%), SiO_3 (18,76—34,1%), CO_2 (0,11—5,88%), Sr (0,32—1,82%), Ag 6 *г/тга* чейин. Баритинин 1-сорту лак боёкторун жасоого, кант ө. ж-на пайдаланууга жарайт. 2—3-сорттор бургулоого колдонулчу суюктукка пайдалануурга сунуш кылынат. Кендин жалпы запасы 393696 *т*. Ачык казып алууга ыңгайлуу; авырынча пайдаланылбайт.

ТАБЫП (ар. табиб — дарыгер) — сыркоо адамдын тамырын карман дартын белгилөөчү, өздик медицинанын ыкмалары м-н дарылоочу дарыгер (к. *Табыпчылык*).

ТАБЫПЧЫЛЫК — сыркоо адамды дарылоонун жөнөкөй, ырым-жырым м-н коштолгон ыкмасы. Т. бүткүл дүйө өлдөрүнө байыртадан эле белгилүү болгон. Адамзат өнүгүшүнүн алгачкы этабында Т. *өздик медицинадан* белүнбөстөн эле табыпчылардын кесиби болгон. Т-та ар кандай өсүмдүктөр (шишикке жалбырак басуу, аппйим ичүү, жалбырак кайнатып ичүү, аны ооруган жерге сыйпоо ж. б.), жаныбарлар (сүлүк; кашкулак, аюу майы ж. б.), минералдар (сыман, көк таш, кучала ж. б.), о. эле жерден чыккан сыык суу, илай ж. б. минералдуу булактар кеңири пайдаланылган. Таптык антагонисттик коомдо Т. дин кыаматкерлери тарабынан диний сеанмди күчөтүү ж-а баюу жолуна айландырылган. Бурж. ж-а колониялык, о. эле экон. жактан начар өнүккөн өлкөлөрдө калың эмгекчи массага мед. жардамдын жетишсиздиги да Т-тын кеңири таралышына шарт түзгөн. Окт. рев-ясына чейин Россияда Т. айрыкча айыл-кыштактарда кеңири тараган. Буга мед. жардамдын жетишсиздиги, өздик карацгылыгы ж-а динчилдиги көмөк болгон. Ал эми улуттук чет-жакаларда, анын ичинде кыргыздарда Т-тан бакшы, бүбү, сопу, молдолор кеңири пайдаланышкан. Бирок табыпчылардын арасында айрымдары тамырды карман (тажрыйбага ж-а эмпириялык туюмга таянып), ооруну билген, ага тиешелүү мүнөз тамак белгилеп дарылаган, сыныкты таңып айыктырган, муун чыгып кеткенде ордуна келтирилгендери да болгон. СССРде өздик мад-тынын, материалдык турмуш деңгээлинин жогорулашы, калкты акысыз мед. тейлөөнүн жетишкендиктери Т-тын жоголушуна алып келди, к. *Өздик медицина*.

ТАБЫШАЛИЕВ Салмоорбек (15. 3. 1928-ж. т., Сокулук р-ну, Кызыл-Туу кыш.) — кыргыз совет тарыхчысы, тарых илимд. доктору (1970), проф. (1970), Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү (1974), вице-президенти (1976-жылдан). 1946-жылдан КПСС мүчөсү. Дыйкан үй-бүлөсүнөн. 1946-ж. Кырг-н мамл. пед. ин-тун бүткөн соң анда окутуучу, СССР ИАнын Кыргыз филиалынын ил. кызматкери, Москва мамл. пед. ин-тунда (В. И. Ленин атн.) аспирант (1950—51), СССР ИАнын Кыргыз филиалында ил. кызматкер ж-а КМУда окутуучу (1951—52), Кырг-н КП БКга караштуу Партия тарыхы ин-тунун директорунун орун басар ж-а сектор башчысы (1952—53), Кырг-н ЛКЖС БКнын секретары (1953—54), Кыргыз ССР ИАнын Тарых ин-тунун директору (1954—56), Кырг-н КП БКнын бөлүм башчысы (1956—57), Кырг-н КП Биринчи Май райкомунун биринчи секретары (1957—59), Кыргызстан КП БКга караштуу Партия тарыхы ин-тунун директору (1959—60), КМУнун ректору (1960—76). Т.— Кырг-н КПнын тарыхы, Кыргыз ССР тарыхы б-ча адис. Кырг-ндагы соц. ж-а коммунисттик курулушка, комсомолго, жог. окуу жайларынын тарыхына арналган 50-дөн ашык ил. эмгектин автору. 20дан ашык илимдин кандидатын, докторун даярдаган. Кырг-н КП БКга мүчө, Кыргыз ССР Жог. Советинин (9-шайл.) пред-ли. Совет-монгол достук коомунун Кыргыз бөлүмүнүн предли, Кыргыз ССР Жог. Советине (6—9-шайл.) депутат. Кыргыз ССР мамл. сыйл. (1970) лауреаты. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, эки «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар, о. эле МЭРдин үч медалы м-н сыйланган.

Эм г.: Защищая Родину, Фр., 1960; Компартия Киргизии в период развёрнутого строительства коммунизма, Фр., 1968; Киргизия в период завершения строительства социализма, Фр., 1965; Боевой помощник партии, Фр., 1969; По ленинскому пути к социализму и коммунизму, Фр., 1970; Кузница подготовки кадров, Фр., 1975.

ТАБЫШМАК — өздик поэтикалык чыг-лыктын бир жанры; нерсенин же кубулуштун көбүнчө каймана мааниде поэтикалык формада сыпатталышы. Дүйө өлдөрүнүн баарынан учурайт. Байыркы мезгилдерде предметтерди өз аты м-н атаганга тыюу салган ишеним, каада-салттарга байланышы бар сыйнуу мааниси туюнткан. Кийинчерээк эстетикалык ж-а дүйө тааныткыч маани алып, тапкычтыкты, зейректикти сыноо милдетин аткара баштаган. Т. тематикага, көркөм каражаттарга бай, о. өзө ага так композиция ж-а үйкаштык, ыргактуулук мүнөздүү.

Ад. ж-а текст: Аничин В. П., Русские народные пословицы, поговорки, загадки и детский фольклор, М., 1957; Митрофанова В., Загадки, М., 1968; Мукамбаев Ж., Таштемиров Ж., Кыргыз эл табышмактары, жаңылмачтары, калптары, Фр., 1971; Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки, Фр., 1973, 151—70-б.; Жаныбеков Э., Табышмактар, Фр., 1976.

ТАВР, Торос — Түркиянын түштүгүндөгү тоо системасы. Кичи Азия ж-а Армян тайпак тоолорунун түш. чет жакасында. Жер Ортолук деңизин бойлой 1000 *км*ге созулуп жатат. Бийик. 3726 *м*ге чейин (Демирказык чокусу). Борб. Т-га 3000 *м*ден жогору көтөрүлгөн чокулар, альп тибиндеги рельеф, өзөлкө муз кантоонун издери мүнөздүү. Акк таш, кристаллдык сланец ж-а метаморфизм тектеринен турат. Түн. капталына субтропик талаасы ж-а чөлү, түштүгүнө даймна жашыл ж-а ийне жалбырактуу токой, бадал ж-а шалбаа мүнөздүү.

ТАВТОЛОГИЯ (гр. tautó — ошол эле, lógos — сөз) — маани жагынан жакын же бирдей сөздөрдүн кайталанышы. Т. поэтикалык тилде, өзгөчө эл оозеки чыг-ларында эмоциялык таасирдя күчөтүү үчүн колдонулат. Мис., «мац, мац, мац басып, чуудаларын чац басып»; «...кол шилтеп кете берди, кете берди»; «сүйлөй берди, сүйлөй берди» ж. б.

ТАГАЛДАР (өздөрүн тагалог дешет) — Филиппиндеги эл. Т. Лусон а-нын боро. ж-а түш. бөлүгүн, Миндоро, Мариндуке ж. б. майда араддарды, негизинен деңиз, дарыя, көл жээктерин мекендейт («тагалдар» — суу жээгинде жашагандар). Саны 8 млн-дон ашуун (1975). Тагал тилинде сүйлөшөт. Дини — католицизм. Окумуштуулар Т-ды темир доорундагы Новаличес мад-тынын өкүлдөрү дешет. Кесиби — дыйканчылык, балык уулоо, токуучулук ж-а өрмөчүлүк.

ТАГАНРОГ — РСФСРдин Ростов обл-дагы шаар. Азов деңизинин Таганрог булуңундагы порт. Т. ж. станциясы. Калкы 289 миң (1979). Металлургия з-ду болот, прокат, нефть ж-а газ ө. ж. үчүн тутүктөрдү чыгарат. Машина куруу ж-а металл иштетүү ө. ж. ишканаларына («Красный котельщик», комбайн, кеме ремонттоо, электр-терм. жабдуулар ж. б. з-дөр) чыгарылуучу продукциянын жалпы көлөмүнүн 60%тен ашыгы туура келет. Тамак-аш (балык, эт, кондитер, ун тартуу ж. б.), жеңил (булгаары бут кийим), курулуш материалдар ө. ж. иштейт. Радио тех. ж-а пед. ин-ттар, металлургия, мех., деңиз приборлорун куруу, машина куруу ж-а курулуш техникумдары, мед. ж-а муз. окуу жайлары, драма театры, край таануу музейи, А. П. Чеховдун музей үйү бар. Т. 1698-ж. негизделген.

ТАГАНРОГ БУЛУҢУ Азов деңизинин түн.-чыгыш болүгүндө. Деңиздеги Калкы патриархалдык-уруулук түзүлүштө жашаган. Адамдары *Афанасий маданияты* м-н *Андроново маданияты* убагындагы кишилерге окшош болгон.

Ад.: Членова Н. Л., Происхождение и ранняя история племен тагарской культуры, М.—Л., 1967.

ТАГДЫР — 1) мифологияда, иррационалдык филос. системаларда, о. эле түшүнүгү тар адамдын ак-сезиминде адам өмүрүндөгү бардык окуялардын күн мурун дайын экендигине

Узак ж-а Ак-Сарай сайроон тилкелери м-н бөлүнөт. Уз. 140 *км*че, жазылгы (кире беришинде) 31 *км*. Орт. тереңд. 5 *м*че. Жээгинин көп болүгү көтөрүңкү, айрым жери жардуу; кумдуу сайроон тилкелери көп. Булунда аралдар бар. Дон, Кальмнус, Миус, Ея д-лары куят. Декабрда тоңуп, мартта ачылат. Ири порттору: Жданов, Таганрог.

ТАГАП — Ош обл-ныи Лейлек р-нундагы Бешкент айыл советине караштуу кыштак. «Бешкент» с-зунун айгагында Кожо-Бакырган суусунун жээгинде жайгашкан. Райондун борбору Исфанадан 72 *км* түн.-чыгыш тарапта. Пролетарск т. ж. станциясынан 30 *км*. Калкы 1206 (1977). Орто мектеп, клуб, медпункт бар. Т. 1936-ж. орнотокон.

ТАГАР МАДАНИЯТЫ — б. з. ч. 7—3-к-да Енисей боюндагы Минуса ойдуңунда (ага жакын жердеги Тагар а-ныи атынан аталган) таралган арх-ялык мад-т. Т. м-ныи курал-жабдыктары (шаншар, кыма ж. б.) скиф-тер стилинде жасалган. Т. м. тараган жерлер Евразиядагы коло иштетүү өндүрүшүнүн эң ири очокторунун бири болгон. Анын эстеликтерине: турак жай калдыктары, аскага тартылган сүрөттөр ж. б. кирет. Т. м. убагында кетмен м-н дыйканчылык кылуу ж-а мал чарбасы өнүккөн.



Тагар маданияты: 1—2—коло бычактар; 3—коло канжар; 4—коло кыма; 5—зергер балкасы (коло); 6—чопо идиш; 7—коло казан; 8—9—колодон жасалган кооздук буюмдар (жырткычтар ж-а бугу).

ТАГОР Рабиндранат (Тхакур Рабиндронатх) (7. 5. 1861, Калькутта — 7. 8. 1941, ошол эле жер) — инди жазуучусу, коомдук ишмер. Бенгал тилинде жазган. Агартуучунун үй-бүлөсүнөн. Калькутта, Лондон шаарларынан билим алган. Чыг-лары 1875-жылдан жарыяланган. Туңгуч чыг-ларынын көрүнүктүүлөрү — «Таңкы ырлар» (1883), «Картина жана ырлар» (1884) аттуу китептер. «Бибханын жээги» (1883), «Акылман Ража» (1885) трагедиялык романдарында адилетсиздикти сынга алат. 90-жылдары Т. «Маноши» (1890), «Алтын ладья» (1893), «Түшүм жыйноо» (1896) өндүү мыкты ыр жыйнактарын, филос. драма циклин жараткан.

19-к-дын аягы — 20-к-дын башында социалдык маселелер басымдуулук кылган «Көз ирмем» ыр жыйнагы (1900), «Бүртүк кум» (1902), «Кыйроо» (1905) романдарын ж-а бир нече повесть жазган. Улуттук бошт. кыймыл учурунда ага башкарышып, патриоттук духтагы ырлар чыгарган. «Гора» (1907—10) романы м-н «Өч алуу» (1909) драмасында индиялыктарды прогресс, эркиндик күрөшүнө үндөгон. 1912—13-ж. Англия м-н АКШны кыдырып, инди элинин философиясы, мад-ты б-ча лекциялар окуган. «Курмандык ырлары» деген китеби үчүн Нобель сыйлыгын алган (1913). «Каркыралардын учушу» (1914—16), «Чыгыш күүсү» (1925), «Эркин ташкын» (1928) ж. б. чыг-ларында согуш, тынчтык ж. б. социалдык проблемалар көтөрүлөт. «Чет жерде» (1938), «Жаңырык туулган» (1940), «Туулган күн» (1941) ж. б. ыр жыйнактарында дин фанатизминин коркунучу ж-да ой болүшөт. Т-дун чыг-лыгы бенгал адабий тилин түзүүдө, сынчыл реализмдин пайда болушунда чоң роль ойногон. Ал психол. роман ж-а аңгеме жанрын өөрчүткөн, поэзиянын жаңы табылгалар м-н байыткан. Анын живопистик, графикалык, муз. чыг-лары да бар. Чыг-лары дүйнөнүн көп тилине которулган.

Чыг.: Робиндророченаболи, т. 1—27, Калькутта, 1939—65; в рус. пер. — Соч., кн. 1—7, 10, М., 1914—15; Соч., т. 1—12, М., 1961—65; Акыркы кат, Фр., 1972.

Ад.: Рабиндранат Тагор. К столетию со дня рождения, М., 1961; Р. Тагор — друг Советского Союза. Сб. документов и материалов, М., 1961; Рабиндранат Тагор. Биобиблиогр. указатель, сост. Л. А. Стрижевская, М., 1961; Гнатюк-Даниль-чук А. П., Рабиндранат Тагор. Критико-биографический очерк, М., 1961.

ТАЖИК-АЫЛ, Тажик Маханла — Ош обл-ныи Кара-Суу р-нундагы Кашкар-Кыштак айыл советине караштуу кыштак. Карл Маркс атн. к-здун аймагында. Райондун борбору ж-а т. ж. станциясы Кара-Суудан 16 *км* түш.-батыш тарапта. Калкы 486 (1979). Башталгыч мектеп, медпункт бар.

ТАЖИК ДРАМА ТЕАТРЫ (А. Лахутн атн. Эмгек Кызыл Туу орденду академиялык драма театры) — Тажик ССРиндеги ири драма театры. 1929-ж. Дүйшөмбүдө уюшулган. Алгачкы коюлган улуттук драмалар: «Күрөш» (1933, А. Усманов), «Душман» (1935, Ж. Икрами) ж. б.; 40—70-жылдарда «Саодат» (1948, С. Саидмурадов ж-а М. Рабиев), «Экзамен» (1958, Ф. Аисори), «Аял эркн» (1961, А. Сидки), «Рудаки» (1958, С. Улуг-заде), «Дохунда» (1954, Ж. Икрами), «Бөштөндүк жалыны» (1964), «Революция жоокерлери» (1970, М. Абдулло) ж. б. Театр репертуарында орус, Батыш Европа классиктеринин пьесалары да бар. 1933-ж. акын А. Лахутинин ысмы, 1939-ж. академиялык деген наам берилген. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган (1941). Театрда СССР эл арт. А. Б. Бурханов, Т. Фазылова, Тажик ССР эл арт. М. Вахидов, Х. Назарова ж. б. иштейт. Башкы реж. (1973-жылдан) Х. Мойбалиев.

ТАЖИК КОЮ — куйруктуу кылчык жүндүү порода. Гиссар соолуктары

сары-жа, липкольн кочкорлору м-н аргындаштырылып, Таж-нда чыгарылган. Порода 1964-ж. бекитилген. Кочкорунун тирүүлөй орточо салм. 90—100, соолугу 70 *кг*. Жүнү бир аз тармал, бышык, жумшак. Тыбыт жүнүнүн уз. 6—15 *см*, кылчыктуулары 10—12 *см*. Кочкорунан 3,5—4, соолугунан 2,5—2,7 *кг* жүн кыркылат. Жүз тубар коюнан 110дой козу алынат. Жыл бою жайытта багууга мыкты көнүккен. Порода Таж-нда асыралат.

ТАЖИК-КЫШТАК — Ош обл-нын Фрунзе р-нундагы Үч-Коргон айыл советине караштуу кыштак. Калинин атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Фрунзеден 34 *км* чыгыш тарапта. Кызыл-Кыя т. ж. станциясынан 2 *км*. Калкы 2001 (1979). Орто мектеп, китепкана, клуб, медпункт бар.


ТАЖИК СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТИК РЕСПУБЛИКАСЫ, Тажикстан 1924-ж. 14-октябрда Өзбек ССРинин составында Тажик АССРи түзүлгөн. 1929-ж. 16-октябрдан Тажик ССРи. О. Азиянын түш.-чыгышында. Батышы м-н түндүгүнөн Өзбек ССРи, Кыргыз ССРи, чыгышынан Кытай, түштүгүнөн Афг-н м-н чектешет. Аянты 143,1 миң *км*². Калкы 3801 миң (1979). Борбору — Дүйшөмбү ш. (калкы 493 миң, 1979). Админ. бөлүнүшү 6-ча респ-када бир АО, 3 область, 41 район, 18 шаар, 49 ш. т. посёлка бар.



Мамлекеттик түзүлүшү. Тажик ССРи — жумушчулар м-н дыйкандардын соц. мамлекети, СССРге эркин ж-а тең укукта кирген союздаш сов. соц. респ-ка. Азыркы конституциясы 1978-ж. 14-апрелде Тажик ССРинин 9-шайланган Жог. Советинин кезексиз чакырылган 8-сессиясында кабыл алынган. Мамл. бийликтин жог. органы — Тажик ССРинин бир палаталуу Жог. Совети (калктын 8 миң кишисинен 1 депутат 5 жылга шайланат). Аның сессиялары аралыгындагы мамл. бийликтин жог. органы — Тажик ССР Жог. Советинин Президиуму. Жог. Совет респ-канын өкмөтүн — Мин. Советин түзөт, Тажик ССРинин закондорун кабыл алат. Область, район, шаар, кыштактарда мамл. бийликтин жерг. органдары — Эл депутаттар советтери (калк тарабынан 2,5 жылга шайланат). Жог. сот органы — Жог. Совет 5 жылга шайлоочу Тажик ССР Жог. Соту. Респ-канын прокурору СССРдин Ген. прокурору 5 жылдык мөөнөткө дайындайт. Мамл. гербин ж-а мамл. желегин к. *Мамлекеттик герб, Мамлекеттик желек* макалаларынын таблицасынан.

Табияты. Т.— тоолуу өлкө. Аймагынын 93%ин Тянь-Шань, Гиссар-Алай, *Памир* системаларына кирген тоолор ээлейт, түндүгүндөгү *Курама кырка тоосу*, Моголтоо м-н *Түркстан кырка тоосунун* ортосунда *Фергана өрөөнүнүн* батыш чети жатат. Борб. бөлүгүн *Алай кырка тоосунун* батышы, түн.-батышын Түркстан (бийикт. 5509 *м*ге чейин, Пирамидальный чокусу), Заравшан (5489 *м*, Чимтарга тоосу), Гиссар (4881 *м*) кырка тоолору ээлейт. Чыгышында кырка тоолорду түбөлүк кар, мөңгүлөр каптап жатат. Түркстан ж-а *Заравшан кырка тоолорунун* аралыгында Заравшан өрөөнү бар. Түш.-батышында Вахш, Гиссар, Төмөнкү Кафирниган өрөөндөрү жатат. Чыгышын Памир системасы (СССРдеги эң бийик Коммунизм чокусу жайгашкан, бийикт. 7495 *м*) ээлейт.


Т. Ортоңку ж-а Түш. Тянь-Шань, Памир бүктөлүү аймактарында, Тажик ж-а Фергана депрессияларында жайгашкан. Ортоңку Тянь-Шань каледон ж-а герцин тектоникалык кыймылына дуушарланган Курама тилкесине кирип, аның аймагында палеозойдун сланец, конгломерат, кумдук, карбонат-терриген чөкмөлөрү ж-а аларды жиреп чыккан гранитоиддер кеңири тараган. Памир тоо кыркаларында гранитоиддер жиреп чыккан кембрийге чейинки ж-а палеозойдун терриген-карбонат чөкмөлөрү, бор м-н палеогендин кызыл түстүү чөкмөлөрү кеңири өнүккөн. Тажик ж-а Фергана депрессиялары мезозой-палеогендин платформа бүктөлүшүнүн ордунда жайгашкан. Алар үч тоо тек комплексинен турат: асты — синклиналдык түзүлүштөрдү пайда кылган палеозой тектери; ортосу — юра мезгилинин платформалык шартта пайда болгон континенттик ж-а лагуна чөкмөлөрү; үстү — палеоген-антропогендин моласс чөкмөлөрү. Кен байлыктары: коргошун, цинк, вольфрам, висмут, алтын, нефть, жаратылыш газы, күрөң көмүр ж. б. Климаты кескин континенттик, кургак. Климаты бийиктик алкактуулукка жараша өзгөрөт. Январдын орт. темп-расы респ-канын түш.-батышындагы ж-а түндүгүндөгү тоо этектеринде 2, —2°С, Памирде —20°С; абс. минимуму —63°С (Памирде, Булуң-Көл). Июлдун орт. темп-расы түш.-батышындагы жапыз жайгашкан өрөөндөрдө 30°С, Памирде 0°С; абс. максимуму 48°С (Төмөнкү Панж). Жаан-чачын Гиссар кырка тоосунун түш. капталында 1600 *мм*ге чейин, Памирде (Кара-Колдо) 72 *мм*. Мөңгүлөрдүн жалпы аянты 8470 *км*². Ири мөңгүлөрү: Федченко (уз. 77 *км;* аянты 907 *км*²), Грумм-Гржимайло (36,7 *км;* 160 *км*²), Бивачный (27,8 *км;* 197 *км*²), Гармо (27,5 *км;* 153,3 *км*²) ж. б. Суулары негизинен Аму-Дарыя (куймалары *Панж, Вахш, Кафирниган*), Сыр-Дарыя *(Исфара, Козу-Баглан,* Кара-Суу, *Ак-Суу)* ж-а Заравшандын алабына кирет. Т. гидроресурстардын абс. запасы б-ча Союзда 2-орунда (РСФСРден кийин). Көлдөрү: *Кара-Көл, Сарез, Жашыл-Көл,* Искендер-Көл. Кайрак-Кум суу сактагычы («Тажик көлү»), Нурек суу сактагычы, Фархад суу сактагычы ж. б. бар. Топурак ж-а өсүмдүктөрү бийиктик б-ча таралат. Өрөөндөр м-н адырлар боз топуракту келип, эфемер-шыбактуу (түп.) ж-а эфемер өсүмдүктөрү (түш.) өсөт. Адырлардын бийик бөлүгү ж-а тоо капталдары (2000—2500 *м*) түндүгүндө (күңүрт-боз топуракту) буудайыктуу талаа, түштүгүндө (күрөң топуракту) шыбактуу чөл өсүмдүктөрү м-н капталган. Ушул эле алкакта ачык-күрөң топуракта арча, мисте ж-а жазы жалбыракту токой өсөт. 2500—3500 *м* бийиктө дандуу ж-а шалбаалуу талаа өсүмдүктөрү, 3000—3500 *м*ден жогору альп шалбаасы тараган. Чыгыш Памирде суйдац чыгуучу чөл өсүмдүктөрү, Батыш Памирде (3700 *м*ге чейин) чөл ж-а жарым чөл, 4200 *м*ге чейин шыбак-дан өсүмдүктүү талаа, андан жогору чөп өсүмдүктөрү басымдуу. Чөлдүү талаа аймактарын жейрен, карышкыр, коён, кобра, эфа ж. б.; бадал токоюн доңуз, чөө, бухара бугусу, нутрия, кыргоол; тоолорун күрөң аюу, тоо эчки, аркар, илбирс, кекилик, улар ж. б. мекендейт.



Гиссар (Ысар) өрөөнү.

Калкы. Респ-канын негизги калкы — тажиктер (56%, 1970), алардан башка өзбек, орус, татар, немец, кыргыз (38 миң), украин, еврей, туркмон, казак ж. б. да жашайт. Т. калкынын табигый өсүшү б-ча Союзда 1-орунда. Орт. жышт. 1 *км*²ге 25,3 киши (1978). Шаар калкы 35% (1979). Ири шаарлары: Дүйшөмбү, Ленинабад ж. б.

Тарыхы. Арх-ялык табылгаларга караганда Т. аймагын адам төмөнкү палеолиттен баштап мекендеген. Т-да б. з. ч. 1-миң жылдыктын 1-жарымында согдулун-




Тажик ССРи макаласына. 1. Аличур өрөөнүнүн башы. 2. Кафирниган форель з-дунун жалпы көрүнүшү. 3. Мургаб д. 4. Хожент р-нундагы пахта даярдоо пункту. 5. Нурек ГЭСинин курулушу. 6. Вахш азоттук з-ду. 7. Сыр-Дарыядагы көпүрө. Экинчи планда Ленинабад ш. 8. Дүйшөмбү ш. Жалпы көрүнүшү. 9. Нурек ГЭСинин башкармасынын имараты (алдыңкы планда). Нурек ш., турак жай курулуштары (экинчи планда). Арх. И. Г. Резников ж. б., инженер Р. И. Агишев ж. б., 1960-жылдардын аягы.




























Тажик ССРи макаласына. 1. С. Волков. Ленинабаддагы А. С. Пушкин атн. драма театры. 1961—64. 2. Э. В. Ерзов
ский, Ю. Л. Парков. Дүйшөмбүдөгү эл агартуу үйү. 1974. 3. Г. Айзикович. Дүйшөмбүдөгү чет өлкөлөр м-
достук үйү. 1974. 4. Скульпторлор Т. Р. Полякова, А. С. Рабин, арх. Г. И. Гаврилов, Е. И. Кутырёв. Дүйшөм
бүдөгү В. И. Лениндин эстелиги. Коло. 1960. 5. Скульпторлор И. З. Милашевич, арх. Ю. А. Маслов (арх
В. Г. Веселовскийдин катышуусу м-н). Ата Мек. Согушта курман болгон ленинабаддык жоокерлердин монументи. 1941—
45. Темир-бетон. Ленинабад. 1970. 6. Дүйшөмбү. Жеңиш аянты. 7. А. К. Хайдаров. «Колукту». 1957. 8. Г. Ярлова
М. А. Абдурахманов. Л. И. Брежнев Нурек ГЭСин куруучулар арасында. 9. З. Хабибуллаев. «Бахор». 196
10. С. И. Вишнепольский. «Хафиз». Линогравюра. 1971. 11. А. Мавлянов. Табак. Карапа. 1967. 12. Е. А. Тата
ринова. «Пахтачы кыз». Гипс. 1945. 13. С. Нуритдинов. «Кыз». Жыгач. 1969.

тар, бактриялыктар ж. б. уруулар жашаган. Т-дын аймагы О. Азиядагы байыркы күл эөлик мамлекеттер — Бактрия м-н Согдуга караган. Б. з. ч. 6—4-к-да Персия бийлигинде болгон. Б. з. ч. 329-ж. А. Македонский басып алган. Б. з. ч. 3-к-дын ортосунда *Грек-Бактрия падышалыгына*, ал кулаган соң Кушан падышалыгына караган. Ушул мезгилде алардын а. ч., кол өнөрү м-н соодасы өнүгүп, шаарлары өскөн. Б. з. 4-к-нда Кушан падышалыгы кулаган соң Т. аймагында Эфталиттер мамлекетинин составына кирген бир катар кичи эөлдүктар болгон. 6-к-дын ортосунда эфталиттерди *Түрк каганд ыгы* каратkан. 4—6-к-да Т-да феод. мамилелер өнүгө баштаган. 7—8-к-да арабдар басып алып, 9—10-к-да Т. Тахирилер ж-а Саманилер мамлекеттеринин составына кирген. Ушул мезгилде тажик эли калыптанып бүткөн. Экономиканын өнүгүшү м-н мад-ты да гүлдөп, 10—11-к-да атактуу окумуштуулар *Ибн Сина, Бируни*, акындар *Рудаки, Фирдоуси* ж. б. өз чыгармаларын жаратkан. Феод. ич ара согуштардын натыйжасында Саманилер мамлекети начарлап, аның эөлигин 999-ж. Караханилер басып алган. Аларды 12-к-да киданлар талкалаган. Т-ды 1219—21-ж. монголдор каратып, Чагатай улусуна бириктирген. 14-к-дын 2-жарымында Т-дын басымдуу бөлүгү Тимурдун мамлекетине, ал кулаган соң Бухара ханд ыгына караган. 17-к. — 19-к-дын 1-жарымында Т. аймагында экон. жактан артта калган феод. бытыранды эөликтер болгон. Т-дын түн. бөлүгү Россияга кошулган. 1868-ж. падыша аскерлери Самарканды эөлеген соң Бухара м-н Россия ортосунда орус аскерлери каратkан аймактар Россияга өткөнү ж-дө келишим түзүлгөн. Т-дын Россияга кошулушу улуттук-колон. эөзүгө карабастан прогрессчил натыйжаларды берген. Крайдын экономикасы өнүгүп, капит. мамилелер калыптана баштаган. Орустун рев-ячыл-демокр. алдыңкы мад-тынын таасири м-н Т-да агартуучул агымдар пайда болгон (Дониш Ахмад ж. б.). 19-к-дын 2-жарымында Т. эөл улуттук-бошт. кыймылга активдүү катышкан. 1890-ж., өзгөчө 20-к-дын башында капит. мамилелердин өнүгүшү м-н жерг. буржуазия пайда болгон. Т-дын жумушчулары м-н дыйкандары 1905—07-жылдагы рев-лга, *Орто Азиядагы көтөрулүшкө* (1916) активдүү катышкан. Улуу Окт. соц. рев-ясы жеңген соң Т-да Совет бийлиги орногон. 1918-ж. апрелде Түркстан АССРи түзүлүп, Т-дын түн. бөлүгү аның составына кирген. 1918—23-ж. Т. аймагында гражд. согуш болгон. 1920-ж. Бухара ханд ыгында (Т-дын көпчүлүк аймагы караган) эөлдик рев-я башталып, 1920-ж. октябрда *Бухара Советтик Эл Республикасы* жарыяланган. Кызыл Армияның болүктөрүнөн түзүлгөн Гисар экспедициялык отряды 1921-ж. февралда Дүйшөмбүнү, мартта Кулябды бошоткон. 1921-жылдын күзүнөн 1923-жылдын жазына чейин Т-да басмачылардын чыгуулары болуп турган. О. Азиянын улуттук-мамл. болуңүшүнүн натыйжасында 1924-ж. 14-октябрда ББАКтын сессиясы Өзбек ССРинин составында Тажик АССРинин түзүлүшүн бекиткен. СССР БАКтын Президиумунун чечими б-ча Түн. Памир 1925-ж. январда Тажик АССРинин составына *Тоолуу-Бадахшан АОсу* болуп кошулган. 1926-ж. декабрда Тажик АССР советтеринин 1-уюмдаштыруу съезди Тажик АССРинин түзүлгөнү ж-дө декларация кабыл алып, Тажик АССР БАК м-н ЭКСин шайлаган. Жаш респ-ка өнүгүүнүн капит. жолун аттап, соц. кайра куруулларга өткөн. 1929-ж. октябрда Тажик АССР советтеринин Бүткүл тажиктик 3-съездинде Тажик ССРи болуп кайра түзүлгөн. 1929-ж. декабрда СССР БАК Тажик АССРинин Тажик ССРи болуп кайра түзүлүшүн бекитип, Тажик ССРин СССРдин составына кабыл алган. Согушка чейинки беш жылдыктарда Т-да социализм негизинен курулуп, тажик эли соц. улутка айланган. Т-да социализмдин женишин Тажик ССРинин 1937-жылдагы Конституциясы бекиткен. Т. падышалык Россиянын артта калган чет-жакасынан агрардык-индустриялуу респ-кага айланган. Улуу Ата Мек. согушта Т. эмгекчилери совет эли м-н бирдикте Мекенди коргошкон. Алар «Советтик Тажикстан» авиаэскадрильясын ж-а «Тажикстан колхозчусу» деген танкалык колоннаны курууга каражат топтошкон. Т-да түзүлгөн аскердик бөлүктөр фронттордо салгылашып, Сов. Союз. Баатыры деген наамды 49 адам алган. Согуштан кийинки жылдарда Т-дын эл чарбасы, мад-ты дуркурап өстү. А. ч. өнүгүп, чарбасынын башкы тармагына айланды. Тажик ССРи Ленин ордени (1956), Эл Достугу (1972) ж-а Октябрь Революциясы (1974) ордендери м-н сыйланган.




Тажик ССРинин делегациясы Кыргызстандагы Стрельникова атн. совхоздо.

Тажикстан Коммунисттик партиясы. Т. Компартиясы — КПССтин составдык бөлүгү. Түн. Т-да с.-д. алгачкы топтор 1905—07-жылдагы рев-я мезгилинде пайда болгон. 1917-жылдын аягы — 1918-жылдын башында Хожент (азыркы Ленинабад), Ура-Төбө, Пенжикент, Шураб ж. б. жерлерде большевиктик уюмдар түзүлгөн. Аларды негиздөөгө ж-а идеялык-уюмдаштыруу жактан чыңдоого Е. А. Иваницкий, Д. Т. Деканов, И. А. Жданов, Х. Усманов, Ж. Закиров ж. б. катышкан. Бухара ханд ыгында эөлдик рев-я жеңип (1920), Чыгыш Бухарада Совет бийлиги орногон соң (1921), Бухара Компартиясы (1918-ж. ноябрда негизделген) бул аймакта жерг. парт. уюмдарды түзүү үчүн Борб. уюштуруу бюросун, 1923-ж. Чыгыш Бухарада БКнын Уюштуруу бюросун түзгөн. 1922-ж. Бухара Компартиясы РКП(б)нин составына кирген. О. Азия респ-каларынын улуттук-мамл. болуңүшүнө байланыштуу РКП(б) БКнын Саясий бюросу 1924-ж. Түркстан, Бухара ж-а Хорезм Компартияларын кайра куруу ж-дө токтом кабыл алган. РКП(б) БКнын О. Азия бюросу 1924-ж. декабрда Өзб-н КП(б) БКнын Уюштуруу бюросун түзүп, аны Тажик АССРинин парт. уюмун түзүүгө ж-а жетектөөгө милдеттендирген. 1927-ж. октябрда өткөн Тажик обл. партия уюмунун 1-конф-ясында Өзб-н КП(б)нин Тажик обкому шайланган. ВКП(б) БК баштаган Т. парт. уюму эмгекчилердин басмачыларга каршы, гражд. согуштан кыйраган чарбаны калыбына келтирүү, мад-ттын очогун түзүү күрөшүн жетектеген. 1929-ж. Хожент округдук парт. уюму Тажик обл. парт. уюмуна бириккен. ВКП(б) БКнын Саясий бюросунун 1929-ж. ноябрдагы чечими б-ча Өзб-н КП(б)нин Тажик обл. уюму Т. Коммунисттик (большевиктер) партиясы деп аталган. 1930-ж. аның 1-уюмдаштыруу съезди болгон. Т. КП(б)нин жетекчилиги м-н согушка чейинки беш жылдыктарда соц. индустриялаштыруу, а. ч-ны коллективдештирүү, маданий рев-я жүзөго ашырылып, троцкизмге, оңчул оппортунизмге ж. б. каршы күрөш жүргүзүлгөн. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде Т-дын коммунисттери бардык күч-аракетин соц. Ата Журтту коргоого, немец баскынчыларын талкалоого жумшаган. Согуш мезгилинде Т. коммунисттеринин 50%тен ашыгы фронтто баатырдык м-н салгылашкан. Согуштан кийинки мезгилде Т. Компартиясы респ-ка эмгекчилеринин (чарбаны андан ары өнүктүрүү, социализмди курууну алктоо, коммунисттик курулушту жайылтуу) күрөшүн жетектеди. Т. Компартиясынын катарында 99 409 мүчө, 4232 мүчөлүккө кандидат (1979-ж. 1-янв.) КПССтин 25-съездинин ж-а КПСС БКнын кийинки Пленумдарынын чечимдерин жетекчиликке алган. Т. Компартиясы өнүккөн соц. коом шартында эмгекчилерди коммунизмдин материалдык-тех. базасын түзүү үчүн күрөшкө мобилизациялоодо.

Тажикстан Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзу. Т. ЛКЖС —


Дүйшөмбү ш. Ленин проспектиси.



ВЛКСМдин составдык болүгү. Алгачкы комсомол ячейкалары Т-дын түн. р-ндорунда 1918-ж., ал эми борб. ж-а түш. р-ндорунда Бухарада элдик рев-я жеңген соң (1920-ж. сент.) түзүлгөн. Памирде биринчи ячейкалар 1923-ж. Хорог м-н Поршневде пайда болгон. Т-дын комсомолу негизинен дыйкан жаштардан түзүлгөн. 1925-ж. 27-октябрда өткөн комсомолдун Бүткүл Таж-ндык конф-ясында Өзб-н ЛКЖСтин Тажик обл. комитети түзүлгөн. Т. комсомолу Совет бийлигин орнотууга ж-а чыңдоого, басмачыларды талкалоого, о. эле эл чарбасын индустриялаштырууга ж-а коллективдештирүүгө, маданий рев-яны ишке ашырууга активдүү катышкан. Тажик ССРи түзүлгөн соң Т. комсомолу Т. ЛКЖС деп аталган. Улуу Ата Мек. согушта Т-дын фашисттерге каршы согушкан 40 миң комсомолунун 20сы Сов. Союз. Баатыры наамын алган. Согуштан кийинки мезгилде Т. комсомолу эл чарбасын андан ары өнүктүрүүгө, дың жерлерди өздөштүрүүгө активдүү катышкан. Коммунисттик партиянын жетекчилиги м-н Т. комсомолу коммунизмди курууга активдүү катышууда. 1975-ж. ноябрда Т. ЛКЖС 50 жылдыгына байланыштуу Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. 1979-жылдын 1-январында Т. комсомолунун катарында 430 434 мүчө болгон.

Профессиялык союздары. Т. профсоюздары — СССР профсоюздарынын составдык болүгү. Ал бурж.-демокр. Февр. рев-ясынан кийин 1917-ж. мартта Хожентте пайда болуп, массалык түрдө Окт. рев-ясынан кийин түзүлө баштаган. Түркстан КПнин 2-съезди (1918) «Профсоюздарга карата мамиле жөнүндө» токтом кабыл алып, респ-канын парт. уюмдарын профсоюздарды уюштурууга чакырган. 1919-ж. июнда Ташкенде Түркстан АССРинин профсоюздарынын 1-съезди болгон. Граждд. согуш мезгилинде Т. профсоюздары эмгекчилерди басмачыларга, ак гвардиячыларга каршы мобилизациялоого жардам берген. 1925-ж. Тажик АССР профсоюздарынын уюштуруу бюросу түзүлгөн. 1926-ж. апрелде Бүткүл Таж-ндык профсоюздардын 1-съезди болуп, профсоюздардын борб. советин шайлаган. Т. профсоюздары соц. курулуш мезгилинде индустриялаштырууга, коллективдештирүүгө, маданий рев-яны жүзөго ашырууга активдүү катышкан. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында Т. согуштук өндүрүштү кеңейтүүдө, эвакуацияланган о. ж. ишканаларын кабыл алып иштетүүдө ж-а эвакуацияланган сов. адамдарды жайгаштырууда көп иштерди иштеген. Т. профсоюздары эл чарбасы м-н мад-тты өнүктүрүү максатында мелдештерди уюштурууга активдүү катышууда. 1979-ж. 1-январда 1117,3 миң мүчөсү болгон.

Экономикасы. Т.— индустр.-агрардык респ-ка. Совет бийлигинин жылдарында көп тармактуу ири о. ж. түзүлгөн. 1974-ж. о. ж. продукциясынын көлөмү 1940-жылга караганда 127 эсе, пахта өстүрүү 1913-жылга салыштырганда 27 эсеге өскөн. Респка — СССРдеги пахта өстүрүүчү, түстүү ж-а сейрек металлдарды казып алуучу башкы райондордун бири. Жибек, кебезден кездеме токуу, килем, май, консерва, шарап жасоо о. ж. тармактары союздук мааниге ээ. Машина куруу ж-а металл иштетүү о. ж. маанилүү орунда. Герань майын алуу ж-а лимон жыйноо б-ча союзда 1-орунда. Электр энергетика о. ж. тез темп м-н өнүгүүдө. Вахш д-нда Башкы, Нурек; Сыр-Дарыяда «Эл достугу» атн. Кайрак-Кум, Вахш каналында Перепадная, Борбордук ж. б. ГЭСтер курулган. 1978-ж. 8536 млн *квт·с* электр энергия алынган. Отун о. ж-нын башкы тармагы — көмүр о. ж. (Шураб күрөң көмүр кени). Нефть түндүгүндө (Нефть-Абад, Рават) ж-а түштүгүндө (Кичи-Бел, Ак-Баш-Адыр ж. б.) өндүрүлөт. Жаратылыш газы 1964-жылдан алына баштады. Алюминий (Регарда) ж-а гидрометаллургия (Исфара) з-ддору бар. Машина куруу ж-а металл иштетүү о. ж. жип нйрүүчү станок, а. ч. машиналарын, муздаткыч, соода



Ленинабад ш. Үстү жабык базардын имараты.

ж-а тамак-аш о. ж-лары үчүн жабдуулар, трансформатор, кабель ж. б. чыгарат; негизги борборлору: Дүйшөмбү («Тажиктекстильмаш», «Тажикторгмаш», «Таджиккабель», муздаткыч, түтүктүү арматура ж. б. з-ддору), Ленинабад («Тажикторгмаш»), Канибадам («Автозапчасть»), Коргон-



Вахш д-сындагы гидротүйүн.

Дөбө (трансформатор), Исфара, Кулякб ж. б. шаарлар. Химия о. ж. өнүгүүдө. Вахш азоттук з-ду иштейт. Ири электр-химия з-ду курулууда (1976). Курулуш материалдар (Дүйшөмбү, Ленинабад, Куляб, Кайрак-Кум ж. б.), жыгач иштетүү о. ж-лары бар. Жеңил о. ж. (пахта тазалоо, кебезден кездеме токуу, жибек, килем, тигүү ж. б.) жерг. а. ч. сырьёсун иштетет. Тамак-аш о. ж. ишканалары: жемиш-консерва, шарап, май, кондитер, эт, сүт, тамеки, уң тартуу ж. б.

А. ч-ның негизги тармактары пахтачылык, мал чарба ж-а жашылча-жемиш өстүрүү. А. ч-га жарактуу 4,1 млн *га* жердин 793 миңи айдоо, 3,2 млн-у жайыт ж-а чабынды (1978). Сов. Союзундагы пахта эгүүчү райондордун ичинен түшүмдүүлүгү б-ча 1-(1978-ж. ар бир *гадан* 30,8 *ц*), дүң жыйымы б-ча 3-орунда. Өлкөдөгү ичке булалуу пахта өстүрүүчү негизги база. Тамеки, герань (СССРдеги дүң жыйымдын 36%ин берет), май өсүмдүктөрү, буудай, арпа, күрүч эгилет. Бардык жеринде жашылча-жемиш өстүрүлөт. Багбанчылык ж-а жүзүмчүлүк өнүккөн. Мал чарбачылыгы эт-





1. Пенжикент р-ндагы «Ленинград» к-зунда күрүч жыйноо. 2. Тажик алюминий з-дунун цехтеринин бири.

жүн ж-а эт-сүт багытында. 1978-ж. 1128,7 миң үй (сааны 418,9 миң), 122,4 миң чочко, 3014 миң кой-эчки болгон. Респ-канын бардык райондорунда (Тоолуу-Бадахшан АОсунан башка) жибекчилик өнүккөн. Автомобиль жолунун уз. 13,4 млн *км*, т. ж. 903 *км* (1975). Негизги жолдору: Хорог—Ош, Дүйшөмбү — Термез, Дүйшөмбү — Коргон-Дөбө ж. б. Аба транспорту бар. Бардык союздан респ-калар (өзгөчө О. Азия респ-калары) м-н экон. байланышы өнүккөн. Кырг-ндан электрталь, кир жуугуч машина, электр киймылдаткыч, электр лампаларын, пресс-подборщик, насос, жүн ж. б. алып, а. ч. машиналарын, курулуш материалдар, булгаары, азык-түлүк ж. б. берет. Чет өлкөлөргө трансформатор, кабель продукцияларын, жибек ж-а кебез кездемелерди, герань майын, түтүктүү арматура, токуу автоматтарын, муздаткыч, азык-түлүк ж. б. чыгарат.

Саламаттык сактоосу. 1976-ж. миң кишиге төрөлгөндөр 38,2ни, өлгөндөр 8,5ти түзгөн (1940-ж. 30,6 ж-а 14,1); балдардын өлүмү 1913-жылга караганда 7 эсе азайды. Респ-када *ото коркунучтуу инфекциялар* жоюлган. Жугуштуу ж-а мите оорулар азайган. 1913-ж. 40 орундуу 1 оорукана, 11 амбулатория, 19 врач иштесе, 1976-ж. 34,6 миң орундуу 279 ооруканa, 382 амбулатория ж-а поликлиника, 266 аялдар ж-а балдар консультациясы болуп, 7,8 миң врач (460 кишиге 1 врач), 22,7 миң орто билимдүү мед. кызматкер иштеген. Врачтарды Тажик мед. ин-ту даярдайт.

Элге билим берүүсү. Т-да 20-к-дын башында Хожент (азыркы Ленинабад), Ура-Төбө ж. б. ш-ларда ж-а айыл жерлеринде орус-түзөм мектеби деп аталган төрт класстуу 10 мектеп ачылган. Ал мектептер жерг. эл арасында орус тилин ж-а орус мад-тын жайылтууда белгилүү роль ойногон. Улуу Окт. рев-ясына чейин Тажик ССРинин аймагында атайын орто ж-а жог. окуу жайлары болгон эмес. Окт. рев-ясы — тажик элинин сабатынын ачылышына ж-а улуттук мад-тынын өнүгүшүнө жол ачты. Түркстан респ-касынын БАКы «Түркстан крайында элге билим берүү ишин үюштыруу жөнүндө» жобо кабыл алып, ез эне тилинде жалпы милдеттүү акысыз окуу ж-а мектепти чиркөөдөн бөлүү ж-де декларация жарыяланган. 1918-ж. Т-дын түндүгүндө 15 сов. мектеп ачылып, 1919-ж. 73кө жеткен. 1926-ж. 161 мектеп, 10 балдар үйү иштеген. Элге билим берүүнүн өсүшү пед. кадрларды массалык түрдө даярдоону талап кылган. Ил.-пед. кадрларды даярдоодо Ташкен ун-ти маанилүү роль ойногон. 1925-ж. Дүйшөмбүдө пед. техникум, 1931-ж. тил ж-а ад-т, агробил. ж. б. ф-теттери бар пед. ин-т, 1932-ж. Ленинабад пед. ин-ту ачылган. 20-жылдары улгайгандар арасында сабатсыздыкты жоюу иши жайылтылган. Орус графикасынын негизинде 1940-ж. Тажик жазмасын жаңы алфавитке которуу агартуу ишинде маанилүү ролду ойногон. 1949—50-окуу жылында жалпы 7 жылдык, 1959—60-окуу жылында 8 жылдык, 9-беш жылдыкта (1971—75) 10 жылдык билим берүүгө өткөн. Совет бийлиги мезгилинде мектепке чейинки балдар мекемелеринин кеңири тармагы түзүлдү. 1974-ж. Дүйшөмбүдө пионер м-н мектеп окуучуларынын двореци, 68 пионерлер үйү, 6 жаш техниктер станциясы, 24 балдар фильмотекасы, 1688 миң балдар китепканасы иштеген. Кесиптчилик билим берүү өөрчүгөн. 1974—75-окуу жылында 38 атайын орто окуу жайында 38,2 миң окуучу, 9 жог. окуу жайында 48,5 миң студент окуган. Ири китепканасы — Тажик ССРинин Фирдоуси атн. китепканасы; музейлери: Бехзад атн. респ-калык биринкен край таануу ж-а корком мад-т музейи, С. Айни атн. ад-т музейи ж. б.

Илими жана илимий мекемелери.

1. ТАБИЯТ ЖАНА ТЕХНИКА ИЛИМДЕРИ.

Тажиктердин ата-бабалары илгертен эле жез, күмүш, алтын, коргошун ж. б. казып алып, аны турмушта пайдалана билишкен. О. Азия элдеринин математика, астр-я м-н таанаштыгы ж-догу алгачкы маалымат *«Авестада»* учурайт. Т-да илимдин өнүгүшүнө Мухаммед ибн Муса аль-Хорезми, Абдул Марвази, Усман Балхи, аль-Фергани (баары 9-н-да), Абу-аль-Вефа Бузжани, Абулмахмуд Хужанди (экөө тең 10-н-да) ж. б. зор үлүш кошкон. О. кылымда Ибн Сина, Бируни, Омар Хаям, Насируддин Туси ж. б. илимпоздор эмгектенишкен. 19-н-дын 2-жарымында Т. Россиянын составына кошулгандан кийин анын табилты м-н өндүрүч күчүн изилдөөнүн жаңы этабы башталган. Табият таануу ил. из. ишине Россиянын ил. мекемелери м-н ил. коомдору зор көмөк көрсөткөн. 19-к-дын башында А. П. Федченко, В. Ф. Ошанин, Н. А. Северцов, И. В. Мушкетов, Г. Д. Романовский, П. П. Семёнов-Тян-Шанский, В. Л. Комаров, Н. И. Вавилов ж. б. орус илимпоздору өз эмгектеринде О. Азиянын, анын ичинде Памирдин геологиясы, географиясы, климаты, флора м-н фаунасы тууралуу азыркы кездеги түшүнүктөрдө негиз салышкан. 1884-ж. Түркстан крайынын түңүч геол. картасы түзүлгөн.

Совет өкмөтү орногондон кийин О. Азия камил ун-тинин (1927), Тажик комплекстүү (1932—38; 1933-жылдан Тажикпамир, 1936-жылдан О. Азия) ж. б-дын Памир, 1936-жылдан О. Азия) ж. б-дын экспедицияларынын Т-дын табигый байлыктарын изилдеген. Т-дын географиясын изилдөөдө Н. И. Вавилов м-н В. Л. Комаровдун ролу зор. 1932-ж. СССР ИАнын Тажик филиалы, Дүйшөмбүдө астр-ялык обсерватория ачылган. 1941-ж. О. Азиянын геол. картасы түзүлгөн. 1951-ж. *Тажик ССР илимдер академиясы* уюшулуп, анын биринчи президенти С. Айни болгон. Академиянын составында бир нече ин-т, тармактык ил. из. ин-ттары түзүлгөн. Геол. ин-ту (1941) респ-канын түзүлүшүн ж-а пайдалуу кендерин геол. түзүлүшүн ж-а пайдалуу кендерин геол. түзүлүшүн ж-а пайдалуу кендерин изилдейт. Гиссар-Алай м-н Памирди тектоникалык райондоштуруу жүргүзүлдү. Карамазардын геологиясы, стратиграфиясы, тектоникасы, магматизми ж-а кендүүлүгү изилденди.

Тажик ССР ИАнын Астрофизика ин-ту (1958-ж. ачылган) — метеор м-н кометалардын из. борбору. Көп жылдык изилдөөлөрдүн натыйжасында (И. Б. Бабажанов) дүн патыйжасында (И. Б. Бабажанов) дүн натыйжасында (И. Б. Бабажанов) метеордун радианты, ылдамдыгы ж-а метеордун радианты, ылдамдыгы ж-а аэрозолдор ж-де кеңири информацияны орбиталары ж-де. Кометалардын аэрозолдор ж-де кеңири информацияны орбиталары ж-де. Кометалардын физ. табиятын (О. В. Добровольский) ж-а физ. табиятын (О. В. Добровольский) ж-а Галактикалардын түзүлүшү б-ча (М. Н. Галактикалардын түзүлүшү б-ча (М. Н. Максумов) изилдөө иштерин жүргүзүү. Максумов) изилдөө иштерин жүргүзүү. 1963—68-ж. Гиссар астр-ялык обсерваториясы курулган. Физика б-ча изилдөөлөрдү Тажик ССР ИАнын С. У. Умаров атн. Физика-тех. ин-ту (1964-ж. негизделген), ун-ттин ж. б. окуу жайларынын физ. кафедралары жүргүзөт. Негизги багыттары: катуу денелин физикасы, жартыларын: катуу денелин физикасы, жарыткычтар мол. теориясы, мол. акустика, туктардын мол. теориясы, мол. акустика, туктардын мол. спектроскопия, электроника, жог. энергиянын ядро физикасы, электромодук ж-а мол. спектроскопия, электжылдуулук техникасы (А. А. Адхамов, аромодук ж-а мол. спектроскопия, электжылдуулук техникасы (А. А. Адхамов, В. Н. Назруллаев ж. б.).

Матем. изилдөөлөрдү Матем. ин-ту (1973-ж. түзүлгөн) ж-а ун-ттин матем. кафедрасы жүргүзөт. Матем. адистер даярдоодук эсептөө машинасын а. ч-нда электрондук эсептөө машинасын а. ч-нда пайдалануу б-ча ил. иштер жүргүзүдө. Хим. изилдөөнүн башкы борбору — акахим. изилдөөнүн Химия ин-ту (1945-ж. түзүлдемиянын Химия ин-ту (1945-ж. түзүлгөн). Анда респ-канын табигый байлыгын изилдөө, эл чарбага керектүү заттар м-н материалдарды синтездөө иштери жүргүзүлөт.

Геогр. изилдөөлөр «Геоморфологил», «Орто Азиянын пахта өстүрүүчү зоналарын агроклиматтык райондоштируу» (1960), «Орто Азиянын синоптикалык процесси» (1957), «Памирдин физикалык географиясынын негизги проблемалары» (1965—66) аттуу эмгектерде жыйынталган.

Ботаниктердин көп жылы флоранын изилдөөлөрүнүн натыйжасында «Тажик ССР флорасы» (1957—75), «Памир өсүмдүктөрүнүн аныктамасы» (1963) ж. б. эмгектер пайда болуп, респ-канын өсүмдүктөр дүйнөсүнүн картапары түзүлдү.

А. ч. мин-восунун дыйканчылык ин-тунда (4 тажрыйба станциясы бар) пахта, эфир майлуу өсүмдүктөрдүн технологиясын иштеп чыгуу ж-а жакшыртуу б-ча, пахтанын ж. б. өсүмдүктөрдүн сов. сортторун селекциялоо иштери жүргүзүлөт. Мал чарба ин-тунун окумуштуулары малдын өсүмүн арттыруу б-ча генетика-селекция иштерин жакшыртты. 1955-ж. Дүйшөмбү эпидемиология ж-а гигиена ин-ту ачылган. Тажик ССР ИАнын Гастроэнтерология ин-туңда (1965-ж. түзүлгөн) Х. Х. Мансуровдун жетекчилиги м-н тамак-аш сиңирүү патологиясынын проблемалары изилденүүдө.

Жог. окуу жайы м-н ил. из. ин-ттарында машина жасоо, электроника, электр ж-а жылуулук энергетикасы, өндүрүштү автоматташтыруу б-ча кыйла иштер жүргүзүлүүдө.

2. КООМДУК ИЛИМДЕРИ.

Тажик калкынын филос. окуусу 9-к-га чейин Иран, 9—15-к-да араб тилинде сүйлөгөн элдин философиясынын негизинде өөрчүгөн. Араб халифатынын О. Азияга үстөмдүк кылып турган кезинде башкы идеология ислам болгон. Тажиктин агартуучулары Ахмад Дониш, шакирттери Мухаммад Хайрат, доктор Собир, Асири, Айни ж. б-лар улуттук прогресс м-н социалдык акыйкат идеясын 1-орунга коюп, феод. тартип м-н ислам идеологиясын сындашкан. Философия маселелерин ыраатгуу түрдө изилдөө ишн 1940-ж. башталган. С. Айни, А. А. Семёнов, А. М. Богоутдинов, З. Ш. Рахабов, М. Болтаев, Г. А. Ашуров ж. б-лардын эмгектеринде тажик мад-ты м-н философиясынын улуттук ж-а интернац. биримдиги, анын өнүгүш закон ченемдери талданган.

Тарых илими б-ча 9—10-к-да фарсидари (тажик) ж-а араб тилдеринде М. Наршахинин «Бухара тарыхы», «Падышалар китеби» (957), Фирдоусинин «Шахнамеси» (эпикалык эмген) ж. б. эмгектери жазылган. 19-к-да прогрессчил батыштагы тажик тарыхчысы Ахмад Донш Бухара хандыгындагы феодализмди ашкерелеп, ага каршы чыккан. Т-дын тарыхы Улуу Окт. рев-ясынан кийин изилдене баштады. 1951-ж. Тажик ССР ИАнын Тарых, арх-я ж-а этногр. (азыр Донш атн.) ин-ту ж-а Т. КП БКга караштуу Партия тарыхы ин-ту ачылган.

Т-дагы экон. ой-пикир о. кылымдагы доорго туура келет. 9—14-к-дагы ойчулдар: Абу Наср Фараби, Абу Али Ибн Сина, Абу Хамид Газали, Насируддин Туси, Насир Хосров, Махмуд Мирхонд, Ахмад Донш ж. б-дын эмгектеринде баалуу экон. пикирлер м-н маалыматтар бар. О. Азиядагы коомдук-саясий ой-пикирдин агартуу багытына негиз салуучу Ахмад Донш чарбанын кылымдар бою артта калышына каршы күрөшкөн. Респканын экономисттеги саясий экономия, эл чарбасынын тарыхы ж. б. экон. маселелер б-ча ил. иштер жүргүзүүдө.

Абу Наср Фараби, Абу Али Ибн Синанын эмгектеринде мамл.-укук идеялары айтылганы м-н Окт. рев-ясынан кийин гана Т-да укук илими калыптанды. Укук илимининн калыптанышы ж-а өнүгүшү 1940-ж. Тажик ун-тинде ачылган укук фактеги м-н тыгыз байланыштуу. Азыр укук илимининн ар кыл жагы изилденүүдө (С. А. Рахабов, Д. Д. Дегтиренко).

1978-ж. респ-када 57 ил. мекеме (жог. окуу жайларын кошкондо; 1940-ж. 30 ил. мекеме болгон), 7 миң ил. кызматкер иштеген. Аның 45и академик ж-а корр. мүчө, 2,5 миңден ашыгы илимдин доктору ж-а кандидаты. Ил. борбору — Тажик ССР ИА. Анда 3 болум, 19 ил.

из. мекеме бар. Ил. мекемелери өлкөбүздүн көпчүлүк ил. мекемелери ж-а бир катар чет өлкөлүк илимпоздор ж-а ил. борборлору м-н байланышта.

Басма сөз, радио үктуруу, теле көрсөтүүсү. Т-да биринчи типография 1924-ж. ачылган. Тунгуч газетасы — «Иди тоджик» («Тажик майрамы», 1925), тунгуч журналы — «Шуълаи инкилоб» («Революция жалыны», 1919), 1977-ж. респ-калык 7, обл. 5, шаардык ж-а райондук 38 газета чыккан. Респ-калык газеталары: тажикче — «Тоджикистони Совети» («Советтик Тажикстан», 1925), «Комсомоли Тоджикистон» («Тажикстан комсомолу, 1930), «Пионери Тоджикистон» («Тажикстан пионери», 1929), «Маориф ва маданият» («Эл агартуу жана маданияты», 1932); оруска «Коммунист Таджикистана» (1925), «Комсомолец Таджикистана» (1938); өзбекче — «Совет Тоджикистони» (1929). Мургаб р-ну кыргызча «Мургаб коммунисти», Жерге-Тал р-ну «Коммунист» аттуу газета чыгарат. Негизги журналдары: тажикче — «Коммунисти Тоджикистон» («Тажикстан коммунисти», 1936), «Мактаби Совети» («Советтик мектеп», 1926), «Садои шарк» («Чыгыш үнү», 1938), «Занони Тоджикистон» («Тажикстан аялдары», 1951), «Хорпуштак» («Кирпи», 1953) ж. б.

Телеграф агентствосу (Таж-н Т. А.) 1933-ж. уюшулган. Радиосу 1928-ж., телекөрсөтүүсү 1959-ж. ишке кирген.

Адабияты. Тажик ад-тынын түпкү башаты байыркы иран тилдеринде өнүккөн өздик оозеки чыг-ларда. Жазма ад-ттын пайда болушу ж-а өнүгүшү оозеки өл чыг-лыгынын өнүп-өсүшүнө тоскоол кылган эмес.

Б. з. ч. 1-миң жылдыктын башынан б. з. 1-миң жылдыгынын ортосуна чейин байыркы иран тилдеринде сүйлөгөн бактриялыктар, согдылар, парфиялыктар тарабынан жаралган адабий мурастарга тажик эли да энчилеш. Б. з. ч. 1-миң жылдыктын 1-жарымынан диний-тарыхый жазма эстелик «Авеста», б. з. ч. 4-к-дан согд тилиндеги каттар, парфия тилиндеги дастандар, маникей диниие байланыштуу тексттер бизге жеткен.

О. кылымда (9—15-к.) иран-тажик (фарси-дари) тилинде жаралган адабий мурастар да азыркы тажиктерге ж-а ирандыктарга (перстерге) бирдей тиешелүү (к. *Иран* макаласынын адабияты белүүнөн). Бул аралыкта тажик ад-тында өки багыт (өлчил ж-а динчил-ордочул) өкүм сүргөн. Тажик эли ж-а тажик адабий тили (фарси-дари) 7—10-к-дагы араб баскынчылыгына каршы жалпы өздик күрөш учурунда, араб халифатчитерине күнкор болбогон өз алдынча тажик мамлекетинин (к. *Саманилер мамлекети*) түзүлүү шартында калыптанган. Тажик поэзиясынын тунгуч классиги — *Рудаки*. 10-к-дын 2-жарымында Абу-Мансур Дакики классикалык казалдарын ж-а касыйдаларын жаратkан. А. Фирдоусинин «Шахнамеси» — тажик ж-а иран поэзиясынын кылда чокусу, дүйн. поэзиянын бийик үлгүсү. Тажик поэзиясында филос. лирикаиын өнүгүшүндө *Ибн Сина*, *Омар Хайам* зор салым кошкон. Насир Хосров (11-к.) өз заманы үчүн прогрессчил идеяларды даназалаган.

11—12-к-да тажик поэзиясында суфизм мотивдери, ашыкере шаңдуулук, сарай поэзиясы өөрчүгөн. Ошол эле учурда көркөм проза («Кабуснаме», «Калила менен Димнанын» котормосу, «Синдбаднаме» ж. б.) өнүккөн.

Монгол жапырыгы О. Азиядагы ж-а Хорасандагы тажик мад-тына чоң зыян келтирген. Белгилүү мад-т ишмерлери чет мамлекеттерге кеткен. Индияда Хосров Дехлеви (1253—25) классикалык ырлары, Амир Хирав «Хамса» («Бешилтик») поэмалар циклин, К. Азияда Жаладеддин Руми (1207—72) «Маснавии манави» («Насыят сапгары») ж-а «Диван» («Ыр жыйнагы») чыг-ларын жаратkан. Азерб-н акыны *Низами* (1141—1203) да чыг-ларын негизинен фарси тилинде жазып, тажик, иран ад-тынын өнүгүшүнө зор таасир тийгизген.

Белгилүү перс акындары *Саади*, *Хафиз*, К. Хужанди (14-к.), У. Зокони (1270—1370) да тажик ад-тынын тарыхына зор кондуу түрдө кирген. 15-к-да тажик маданын О. Азиядагы ж-а Хорасандагы борборлору кайра жандана баштаган. Бул учурда А. *Жами* Герат ш-нда жашап, ал үзүрлүү иштеп, Гераттагы өзүнчө адабий мектепке негиз салган.

16—19-к-да тажик ад-ты негизинен герат адабий мектебинин салттарын өөрчүткөн. Алардын өң прилери: Бинои ж-а Хилохи (16-к.), Мушфики (16-к.), С. Насафи (17-к.; өмүрүн Индияда өткөргөн), Бедиль (1644—1721). 18-к-дын алгы — 19-к-дын башында тажик тилиндеги ад-ттын кедери кеткен.

О. Азия Россияга кошулгандан кийин тажик ад-тында А. Донишгин ысмы м-н байланышкан прогрессчил агартуучулук агым пайда болгон. 20-к-дын башында *жадидизм* агымын жолдогон майда жазуучулар чыккан.

Окт. рев-ясынан кийин тажик ад-тынын жаңыча өнүгүш доору башталды. Бул ад-ттын төл башы — С. *Айниини* «Азат маршы» (1918). 20-жылдары ад-т майдасына П. Сулаймони (1899—1931), Ж. Икрами, С. Жавхаризаде (1900—64), М. Аминзаде (1904—66), Ирандын рев-ячыл акыны А. Лахути кирген; С. Айнининн «Одина» (1924) повести ж-а «Дохунда» (1930) романы жазылган. 30-жылдары тажик жазуучуларынын сабына М. *Турсунзаде*, *М. Миршакар*, С. Улугзаде, А. Дехоти (1911—62), Х. Рахими (1905—42) ж. б. кошулган. Согуштан кийинки жылдарды М. Турсунзаденин «Индия балладасы» ж-а «Хасан арабакеч», М. Миршакардын «Багынбас Пляж» ж-а «Ленин Памирде» поэмалары, Улугзаденин «Жапырган жер», Ф. Нилзинин «Айнысбастык», Р. Жалилдин «Шураб» романдары, С. Айнинин «Эскермелери» (1—4-болүк, 1949—54) жаралды. 60—70-жылдары М. Турсунзаденин «Гангдан Кремлге чейин», М. Каноаттын «Сталинград үндөрү» поэмалары, Ж. Икраминин «Бухараның он өки капкасы», С. Улугзаденин «Восе» романдары жарык көрдү. Азыркы белгилүү жазуучулары: А. Шукуи (1923-ж. т.), Ф. Ансори (1931-ж. т.), Ф. Мухаммадиев (1928-ж. т.), Лоик Шерали (1941-ж. т.), К. Карам (1932-ж. т.) ж. б. Ад-т илими ж-а сыны б-ча Н. Масуми, И. С. Брагинский, А. Мирзоев, Ш. Хусайнзаде, А. Сайфуллаев ж. б. эмгектенет.


Тажик ж-а кыргыз ад-ттарынын оз ара байланышы абдан жакшы өөрчүгөн. С. Айнинин, А. Лахутинин, М. Турсунзаденин, С. Улугзаденин, М. Миршакардын, М. Толистин негизги чыг-лары кыргызчаланган. Тажик акын-жазуучуларынын айрым чыг-ларынан куралган «Памир жылдыздары» (1962); «Памир абазы» (1975) ж. б. антологиялык типтеги жыйнактар жарык көргөн. 60—70-жылдары Кыргыз-нда тажик ад-тынын, Таж-нда өки сапар кыргыз ад-тынын күндөрү өткөрүлгөн.


Архитектурасы жана сүрөт өнөрү. Т. аймагында байыркы О. Азиянын жерг. ликтери сакталган. Байыркы ж-а о. кылымдагы иск-вонун өнүгүшүнө Т-дын Багашын, Иран, Индия, Чыгыш Туркстан, Кытай ж. б. өлкөлөр м-н маданий-экон. карым-катнашта болушу чоң таасир тийгизген. Т-да б. з. ч. 15—10-миң жылдыктагы аска беттериндеги жазуулар (Мургаб кыш-нан 40 км түш.-батышта, Чыгыш Памир), коло доорундагы (б. з. ч. 1-миң жылдык) турак жай калдыктары, геом. формадагы асем буюмдар, түштүгүндө, Вахш, Бешкент өрөөндөрүндө көчмө уруулардын мүрзөлөрүнөн түрдүү карапалар (миске, цилиндр формасындагы идиштер), коло бычак, шамшар, кыгуу, төөнөгүчтөр табылган. Б. з. 5—8-к-да Т-да негизинн мунаралуу дубалдар түзгөн турак жайлуу (Пенжикент) шаарлар пайда боло баштаган Арабдар басып алгандан кийин Т. арх-расында мечит, минарет (мунара), медиресе, күмбөз ж. б. мусулман салтына ылайык курулуштар пайда болгон. Мис., Исфараның жанындагы Калай-Боло коргону, Хулбук сарайы (10—12-к.), Жог. Зарабшандагы Айни, Рара, Фатмев минареттери, Регарк.), Хожа-Машад күмбөздөрү ж. б. 14-к-дын алгы — 15-к-дагы тажик монументтүү зодчествосунун ири жетишкендиктерине: Мухаммед Башшар күмбөзү, Самаркан, Шахрисабз ж. б. шаарлардагы дүйнөгө белгилүү темурилер арх-ралары, Кулябдагы Мир-Сеид-Хамаданнин күмбөзү, Наугилемдеги Абдулла-хандын мечити, Ленинабаддагы шейх Муслееддиндин мечит-күмбөзү, Кок-Күмбөз мечити, Баба-Тага ж-а Ажинахан күмбөздөрү кирет. Т-да Совет өкмөтү орногондон кийин кыска мөөнөттүн ичинде шаар куруу ишжакшы жолго коюлуп, шаарлар ген. план б-ча курула баштаган. 30—40-жылдары коомдук жайларды курууда о. кылымдагы О. Азия сүрөт өнөрүнүн элементтерин камтыган классикалык формалар колдонулган. 30-жылдардан эски материалдардын — кирпич, чопо, жыгач ордуна бышкан кирпич, бетон ж-а темир-бетон колдонула баштаган. Совет өкмөтү орногондон тартып сүрөт жасалга-колдонмо өнөрү дүркүрөп өстү. Сүрөтчүлөрү: А. М. Орлов, С. А. Хошмухамедов, А. Ашуров, С. Е. Захаров, В. И. Серебрянский, А. Т. Аминжанов, О. А. Ахунов, К. Жумагазин ж. б.

Музыкасы. Т. эл музыкасына диатоникалык ж-а табигый лад мүнөздүү. Аткарууда мелизм ыгы көп колдонулат. Эл аспаптары: дутар, думбрак, кашкар рубабы, гижак, най, керней, сурнай, чанг, таблак, нагора, дойра, ванг, кайрок, сетор, даф. Совет бийлигинин орношу Т. муз. мад-тына жаңы доор ачты. Улуттук салттардын негизинде көп үндүү музыка, муз. драма, опера, балет жанрлары ж-а симф. оркестрге жазылган чыг-лар жаралды, 1929-ж. муз. техникум (Ленинабад), сүрөтчү, музыкант, бийчилерди даярдоочу Көркөм комбинат (Дүйшөмбүдө), 1929-ж. Дүйшөмбүдө драма театры (1934-ж. андан муз. драма группасы бөлүнүп чыккан), 1938-ж. филармония ачылган. Тунгуч улуттук опера («Восе көтөрүлүшү») 1939-ж. коюлган. Көрүнүктүү комп-лору: С. Баласанян, Я. Сабзанов, Ш. Сайфиддинов, Д. Дустмухаммедов, З. Шахидн, С. Хамраев, А. Одинаев, А. Ядгаров, А. Салиев, Ф. Бахор ж. б. Респ-када (1976) Тажик опера ж-а балет театры, А. С. Пушкин атн. Респ-калык муз. комедия театры, А. Рудаки атн. обл. муз. комедия театры, Муз. драма



1. Кайрак-Кум килем комбинатындагы килем үлгүлөрү бөлмөсүндө. 2. Дүйшөмбү ш-ндагы «Рахат» чайханасы.







1. Дүйшөмбүдөгү С. Айнинин эстелик комплекси. 2. Малика Сабирова ж-а Музаффар Бурханов С. А. Баласаняндын «Лейли менен Мажнун» балетинде. Ленин ордендүү С. Айни атн. Тажик опера ж-а балет театры. 3. «Рустам жана Сухраб» кинофильминен кадр. Реж. Б. А. Кимягаров. 1971.

театры, Өзбек муз. драма театры, филармония, рубабчылар ансамбли, эл аспаптар ж-а шашмакомистер ансамбли, иск-во ин-ту, муз. окуу жайы, Респ-калык атайын орто муз. окуу жайы, муз. мектеп-интернат, 52 балдар муз. мектеби, Тажик ССР комп. союзу иштейт. Москвада (1941, 1957) ж-а Сов. Союзунун башка шаарларында, Кырг-нда (1976) Тажик ССР иск-восунун декадасы болуп өткөн. Тажик ССРинде башка союздаш респ-калар иск-восунун декада, фестиваль конкурстары өткөрүлүп турат.

Театры. Профессионал театры Улуу Окт. соц. рев-ясынан кийин пайда болгон. 1919-ж. муз.-театр ийримдери уюшулуп, 1929-ж. Дүйшөмбүдө биринчи улут театры түзүлгөн (азыр Лахути атн. Тажик мамл. академиялык драма театры). 30—40-жылдары театрда А. Усманов, С. Улугзаде, Ж. Икроми ж. б. тажик авторлорунун гражд. согуш күндөрүндөгү эркиндик үчүн эл күрөшү ж-догу пьесалары коюлган. Театр репертуарынан классикалык драматургиянын чыг-лары: «Сүйүү жана жүзү каралык» (Ф. Шиллер), «Отелло» (У. Шекспир), орус авторлорунун пьесалары орун алган. 40—50-жылдары респ-каным, тажик жаштарынын түрмушу тууралуу: «Саодат» (С. Саидмурадов ж-а М. Рабиев), «Шодиена» (М. Закиров), «Экзамен» (Ф. Асори); тарыхый-рев-ялык темадагы: «Дохунда» (Ж. Икроми, С. Айнининн б-ча), «Бороон» (Ш. Киямов, Г. Абдулла) спектаклдери коюлган. Театр репертуары, о. өле дүйн. драматургиянын чыг-лары «Ромео жана Жульетта» (1947), «Король Лир» (1957, Шекспир), «Күнөөсүз күнөөлүүлөр» (1965, Островский), «Сүйүү жана кылыч» (1974, А. Каххар) ж. б. м-н байыды. Драма театрынын өнүгүшүнө СССР эл арт. М. Касымов, Тажик ССР эл арт. Г. Бакаева ж. б. зор салым кошту. Театр өнөрүнүн чеберлери (1975) СССР эл арт. А. Бурханов, Н. Н. Волчков, Т. Фазылова, Тажик эл арт. Б. Алифбекова, М. Вахидов, Т. Гафаров ж. б. Т-да Лахути атн. Тажик академиялык драма театры, Дүйшөмбүдөгү Тажик жаштар театры, Ленинабаддагы А. С. Пушкин атн. Респ-калык муз.-комедия театры, Хорогдогу А. Рудаки атн. обл. муз.-комедия театры ж. б. театрлар иштейт (1976).

Кинось. Т-да 1929-жылдан тартып кыска метраждуу документ ж-а хроника фильмдери тартылып, «Советтик Тажикстан» мезгилдүү киножурналы чыга баштаган. 1930-ж. «Тажиккино» трести түзүлгөн. Алгачкы тажик көркөм фильмдери «Эмирлер көр оозунда» (1932), «Эмигрант» (1934, реж. К. Я. Ярматов). Биринчи үндүү көркөм фильми «Бак» (реж. Н. В. Досталь) ж-а «Достор кайрадан жолугушат» (реж. Ярматов; өкөө тең — 1939). Улуу Ата Мек. согуш жылдарында Дүйшөмбүдө Москванын «Союздетфильм» студиясы иштеген. Биринкеи Дүйшөмбү киностудиясы көркөм ж-а документ картиналарын чыгарып турган. 50—60-жылдары жаңы темадагы фильмдер тартылып, улуттук кинодраматургия ж-а режиссура жарала баштайт. Б. А. Кимягаров «Дохунда» (1956, С. Айнинин романы б-ча) фильмин тарткан. Учурдагы темага арналган картиналар: «Менин досум Наврузов» (1957), «Жогорку кызмат» (1958) ж. б. 60—70-жылдары улуттук жаш кинорежиссурасы калыптанып, М. С. Ариповдун («Ниссо», 1966), М. К. Касымовдун («Жура Саркор», 1970), С. М. Хамидовдун («Эски мечитте кезигүү», 1969) ж. б. фильмдери коюлду. Документ кинолору да бир кыйла ийгиликке жетишти («Саламатсыңбы, Тажикстан», 1960; «Тажикстан жонунде төрт сыр», 1964 ж. б.). «Тоо ыры» (1969), «Ак көңүл Насым» (1970) сыяктуу мультипликациялык фильмдер тартылды. 1971-жылдан «Калтак» сатиралык киножурналы чыгат. Жыл сайын тажик тилинде 42дей фильм дубляж кылынат. Тажик ССР кинематографисттер союзу 1962-ж. уюшулган.

Лб.: Агаханянц О. Е., Основные проблемы физической географии Памира, ч. 1—2, Душ., 1965—66; Растительность Таджикистана и её освоение, Душ., 1974; Таджикистан, М., 1968 (серия «Советский Союз»); Пулатов Д. П., География Таджикской ССР, Душ., 1968; Таджикская Советская Социалистическая Республика, Душ., 1974; История таджикского народа, т. 1—3, М., 1963—65; Рафуров Б. Г., История таджикского народа, 3 изд., М., 1955; его же, Таджики. Древнейшая, древняя и средневековая история, Л., 1972; Каримов Т., Победа Великой Октябрьской социалистической революции в северном Таджикистане, Сталинабад, 1957; Компартия Таджикистана в условиях развитого социалистического общества, Душ., 1974; Таджиев Я., Здравоохранение Таджикистана, Душ., 1974; Брагинский И. С., Из истории персидской и таджикской литератур, М., 1972; Очерки истории таджикской советской литературы, М., 1961; Веселовский В. Г., Гендлин Д. Д., Архитектура Советского Таджикистана, М., 1972; Очерки о художниках Таджикистана, Душ., 1975; Музыкальная жизнь Советского Таджикистана, в. 1—2, Душ., 1974—75; Нурджанов Н., Таджикский театр, М., 1968; Ахроров А., Таджикское кино (1929—1969), Душ., 1971.

ТАЖИК ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ — Тажик ССРинин жог. ил. мекемеси. 1951-ж. СССР ИАнын Тажик филиалынын базасында негизделген. Академиянын составында (1979-ж. 1-январь.) 1 ардактуу академик, 21 академик, 26 корр. мүчө иштеген. Академиянын 3 бөлүмү, 15 ин-ту ж-а 5 мекемеси бар. Борб. ил. китепкана иштейт. Институттардын ил. эмгектери басылып турат. Эл Достугу ордени м-н сыйланган (1975).

ТАЖИКТЕР (өздөрүн точик дешет) — улут, Тажик ССРинин негизги калкы. СССРде 2 388 миң (1975); Таж-нда 1630 миң, Өзб-нда 449 миң, Кырг-нда 22 миң (1970). О. эле чет өлкөлөрдө да жашайт. Инди-европа тилдеринин батыш иран тобундагы *тажик тилинде* сүйлөшөт. Динге ишенгендери — мусулмандар. Тажик элинин калыптануу процесси б. з. ч. 2-миң жылдыктан башталып, б. з. 9—10-к-нда аяктаган. Т-дин узакка созулган этногенез процессине О. Азияның көптөгөн байыркы уруулары (бактриялыктар, согдулуктар, сактар, скифтер) катышкан. 19-к-дын 2-жарымында Таж-ндын түп. райондору Россияга карап (1868), түштүгү феод. Бухара эмирлигинин бийлигинде болгон (к. *Бухара хандыгы*). Т. дыйканчылык, мал чарбалык м-н кесип кылган. Кол өнөрчүлүк да өнүккөн. Соц. кайра куруу процессинде СССРде Т. соц. улут болуп калыптанды. Т-дин тарыхы, экономикасы, мад-ты ж-де к. *Тажик Советтик Социалисттик Республикасы*.

ТАЖИК ТИЛИ — *тажиктердин* тили. *Иран тилдеринин* түш.-батыш көп жерине, Кырг-н м-н Каз-ндын айрым р-ндоруна, о. эле Афг-ндын түндүгүнө тараган. Т. т-нде СССРде 2 млн-дой киши (1970) сүйлөйт. Диалектиник бир нече топко болүнөт: түндүк, борб. же жог. Зарафшан, түштүк, түш.-чыгыш же дарваз. 6 үндүү, 24 үнсүз фонемасы бар. Флексия-аналит. түзүлүштөгү тил.

Атоочтор байыркы сөз өзгөртүү системасын жоготкон. Род ж-а жондомо категориясы жок. Создөрү синтаксистик жол м-н жөндөлөт. Атоочтор көбүнчө изафет жолу м-н байланышат. Создүк катмары араб, өзбек ж-а орус тилинен кирген создөрдү да камтыйт. Алгачкы жазма эстеликтери 9-к-га таандык. Араб, латын (1930-жылдан) жазуусунан пайдаланып, 1940-жылдан орус графикасына өткөн.

Лб.: Керимова А. А., Таджикский язык, в кн.: Языки народов СССР, т. 1, М., 1966 (лит.); Соколова В. С., Фонетика таджикского языка, М.—Л., 1949;




М. Тазабеков.

Расторгуева В. С., Опыт сравнительного изучения таджикских говоров, М., 1964.

ТАЖИК УНИВЕРСИТЕТИ В. И. Ленин атн. 1948-ж. Дүйшөмбүдө ачылган. 1957-ж. В. И. Ленинди ысмы коюлган. 1978-ж. ун-ттин составында механика-матем., физ., химия, геол., биол., тарых, тажик тили ж-а ад-ты, чыгыш тилдери, укук, орус тили ж-а ад-ты, экон. ф-теттери, күндүзгү, кечки, сырттан окуу ж-а даярдоо бөлүмдөрү, аспирантура, 71 кафедра, 3 проблемалык лабор-я, ботан. багы, эсептөө лабор-ясы, ил. из. сектору, китепканасы болгон. 1977—78-окуу жылында ун-ттө 12 миң студент окуган. 860тай окутуучу ж-а ил. кызматкердин 10у акад. ж-а Тажик ССР ИАның корр. мүчөсү, 28и проф., илимд. доктору, 375и доцент ж-а илимд. кандидаты иштеген. Ун-т ачылгандан бери 25 миңден ашуун адис даярдаган.

ТАЖ-МАХАЛ — Улуу Моголдор мезгилиндеги инди арх-расынын көрүнүктүү эстелиги, Шах-Жахандын 38 жашында каза болгон аялы Мумтаз-Махалдын мавзолейи (кийин Шах-Жахандын сөөгү да коюлган). 1630—52-ж. чейин Агра ш-на жакын, Жамна д-нын жээгинде курулган. Т.-М. (архитектору уста Исанын жетекчилиги м-н 20 миң жумушчу 22 жылда куруп бүткөн) — бурчтарында торт мунарасы бар, беш там чамгарактуу имарат (бийик. 74 *м*дей). Дубалы



Аградагы Таж-Махал мавзолейинин жалпы көрүнүшү.

Кытай, Ирандан алып келинген асыл таштар м-н инкрустацияланып, жылмакай ак мрамордон салынган. Бет маңдайында бир кылка багы бар.

ТАЖРЫЙБА — 1) практикага негизделген сезимдик-эмпирикалык таанын, билим м-н көнүмүштүн биримдиги. Философиянын тарыхында Т. түрдүүчө түшүндүрүлгөн. Т. ар кандай билимдин бирден бир булагы деп эсептелген көз караш көпири жайылган (эмпиризм, сенсуализм). Марксизмге чейинки материализм Т-ны сыртқы дүйнөнү пассивдүү кабылдоонун натыйжасы катары караган. Т-ның диалектикасын айкындоого немецтик классикалык философия (И. Кант, Г. Гегель) зор салым кошкон. Марксизм өткөндөгү философиянын кемчиликтерин четке кагып, жетишкендиктерин өзүнө сиңирип, Т-га ил. түшүндүрмө берди. Т.— объективдүү чындыктын туундусу, бирок ал ан-сезимдин пассивдүү мазмуну эмес, адамдын сыртқы дүйнөгө практикалык аракети. Бул процесстө кубулуштардын, перселердин урунттуу касиеттери, закон ченемдери, арыл байланыштары айкындалат ж-а ишмердиктин максатка ылайык ыктары ж-а каражаттары иргелет. Т.—адамдын сыртқы дүйнөнү өзгөртүү аракети ж-а анын натыйжасы. Ал коомдук практика м-н жуурулушуп кетет. Т.— илимдин, теория м-н практиканын өркүндөп-өсүшүнүн маанилүү каражаты. Т. тилдик формалар, мад-т дөөлөттөрү аркылуу сакталат. Анын укумдан тукумга өтүшү — коомдук өнүгүүнүн маанилүү мүнөздөмөсү. 2) Ил. эксперимент ж-а байкоо да Т. деп аталат.

ТАЖРЫЙБА АЙЫЛ ЧАРБА СТАНЦИЯЛАРЫ — жерг. табигый-экон. шартка ылайык ил. иштеп чыгарууларды ж-а супуштарды берүү үчүн тажрыйба жүргүзүүчү ил. мекемелер. Алгачкы станция 1835-ж. Улуу Британияда, Францияда, 1886-ж. Россияда уюштурулган. Тажрыйба ишинин өнүгүшүнө Д. И. Менделеев, А. Н. Энгельгардт, П. А. Костычев, Д. А. Прянишников, В. Р. Вильямс ж. б. зор салым кошкон.

Улуу Окт. соц. рев-ясынан кийин а. ч. б-ча пл. мекемелер, анын ичинен Т. а. ч. с. пландуу өнүгүүдө. 1976-ж. 450дөй станция болгон. Станция тармактык, комплекстүү ж-а тажрыйба-селекциялык болуп айырмаланат. Мындай станциянын катарына машина сыноо станциясы да кирет. Т. а. ч. с. тармактык ж-а функциялуу мүнөздөгү бөлүмдөн ж-а лабор-ядан турат. Алардын карамагында өндүрүштү алып баруунун алдыңкы методун демонстрациялоо ж-а тажрыйба жүргүзүү үчүн эксперименттик чарбалары, о. эле совхоз, колхоздордо таяныч пункттары болот. Кыргызда пахта, кант кызылча ж. б. б-ча тажрыйба станциялары бар.

Ад.: Тимирязев К. А., Полвека опытных станций, Избр. соч., т. 2, М., 1948.

ТАЖРЫЙБА СЕЛЕКЦИЯ СТАНЦИЯСЫ — тажрыйба а. ч. станцияларынын бир түрү. Өсүмдүктүн жаңы сортун чыгарып, аны өстүрүү б-ча агротех. ыкмаларды сунуш кылып турат. Анын тийиштүү бөлүмдөрү ж-а лабор-ялары, тажрыйба чарбалары, колхоздор м-н совхоздордо таяныч пункттары болот. Т. с. с. тажрыйба станциясынын катарына кирет. Ил. из. ишинин негизги методу — талаада же фермада, о. эле лабор-яда тажрыйба жүргүзүү, тажрыйба натыйжасын өндүрүштө (чарбада) текшерүү.

ТАЖРЫЙБА ТАЛААСЫ — 1) талаа тажрыйбасы жүргүзүлүүчү стационар жер участкасы; 2) а. ч. б-ча тажрыйба мекемеси. Т. т. аймактын жерг. табигый ж-а экон. шартына ылайык а. ч. өсүмдүктөрүн өстүрүүнүн туура ыкмасын иштеп чыгуу үчүн уюштурулат. Ил. из. иш-тунан ж-а тажрыйба а. ч. станциясынан айырмаланып, анда дыйканчылыктын теориялык маселелери изилденбейт. Россияда алгачкы Т. т. 1840-ж. уюштурулган. Т. т. мурда а. ч. илиминин өнүгүшүндө негизги роль ойногон. Азыр анын ордуна тажрыйба станциялар, ш-тар ж-а алардын таяныч пункттары түзүлүүдө.

ТАЗ — Тюмень обл-ның Ямал-Ненец автономия округундагы (бир азы Красноярск крайында) дарыя. Уз. 1401 *км*. алабынын аянты 150 миң *км*². Сибирь дөңсөөлөрүнөн башталып, Карск деңизине куят. Батыш Сибирь түздүгүнүн түн.-чыгышы м-н агат. Негизги куймалары: Чоң Ширта, Худосей (оң), Толька, Часелька (сол). Кар (54%), булак (27%) сууларынан куралат. Апрелдин аягынан сентябрга чейин кирет. Орт. чыгымы чатында 1450 *м*³/*сек*, эң чоң чыгымы 6630 *м*³/*сек*, эң аз ы 157 *м*³/*сек*. Октябрда тоңуп, июндун башында ачылат. Балык промысели (муксун, чир, ряпушка, осётр ж. б.) бар. Төмөнкү агымында кеме жүрөт.

ТАЗ, фавус — терининн *мите козу карындар* козгоочу оорусу. Көбүнчө балдар оорүйт. Баштын, кээде бүткөн бойдун териси ж-а тырмактар бузулат. Адегенде чачтын тегерегинде кичинекей кызыл темгил тактар пайда болуп, ал уламдан улам чоңоё баштайт. Кийин саргарып карттанат. Кээде бири бирине кошулуп, бат терисин бүт каптап калышы мүмкүн. Чач түбүнөн бошон жыдыйт, оңу өзгөрүп, кургак ж-а агыш тартып калат. Карттанган жер чычкандын жыты жыттанат. Оорудан буюлган башка өмүр бою чач чыкпайт, териси жукарып калат. Тырмактар калыңданып, үстү бодуракай болуп, четтери кетилип сынат. Дарылоосун ж-а ад. к. *Трихофития* макаласынан.

ТАЗАБЕКОВ Мамбетсалы (1896-ж. т., азыркы Ленинполь р-ну, Үч-Эмчек кыш.— 1955, ошол эле жер) — Соц. Эмг. Баатыры (1949). Колхозго биринчилерден мүчө болуп кирген. 1938—55-ж. Талас р-ындагы Энгельс атн. колхоздо жылкычы. 1948-ж. 50 бээден 50 кулун алып, жыл аягына чейин аман асыраган. Ленин ордени ж-а «СССРдин социалисттик айыл чарбасынын отличниги» деген значок м-н сыйланган.

ТАЗА ТУКУМ МИҢГИ ЖЫЛКЫ — дүйнөдөгү миңги жылкынын күүк породасы. 17—18-к-да Улуу Британияда жерг. породаны чыгыш (варвария, түрк, араб, түркмөн) ж-а европа (неаполь ж-а испан) жылкысы м-н аргындаштыруунун негизинде чыгарылган. 18-к-дан башка өлкөлөргө таралып, миңги ж-а чегилме жылкыны чыгаруу үчүн пайдаланылууда. Россияга 18-к-дын 2-жарымында алып келинген. Ал — ири, сымбаттуу жылкы. Башы кичине, как ж-а мойну ичке, сээри бийик, бели кыска, булчуңдары мыкты. Айгырынын орт. бийикт. 162,8, көкүрөк курчамы 186,8, шыйрагынын жоондугу 20,2 *см*. Текиренттаскагы б-ча миңги жылкылардын чыгааны. Аның рекорддору: 1000 *м* аралыкты 53,6 *сек*, 2000 *м* — 1 *мин* 58,2 *сек*, 3200 *м* — 3 *мин* 19 *сек*да өткөн. Аңилин аттуу айгыр үч жолу (1965, 1966, 1967) ГФРде өткөрүлгөн мелдеште Европа байгесин жеңип алган. Т. т. м. ж. РСФСР, Украина, Грузия, Азерб-н, Кырг-н ж-а Каз-ндын жылкы заводдорунда асыралат. Бул жылкыны асылдандыруу үчүн чет өлкөлөр м-н дайыма асыл тукумдары алмашылып турат.

Ад.: Витт В. О., Практика и теория чистокровного коннозаводства, М., 1957.

ТАЗА ТУРДӨ КЕЗДЕШҮҮЧҮ (САМОРОДНЫЕ) ЭЛЕМЕНТТЕР — кошундулары жок, жаратылышта таза түрдө кездешүү хим. элементтер. Алар металл эмес (алмаз, графит, күкүрт ж. б.), жарым металлдар (мышьяк, сурьма) ж-а металлдар (алтын, күмүш, жез, платина, темир, коргошун, цинк, калай, сымап, висмут ж. б.) болуп үч топко ажыратылат. Металлдар таза түрдө жаратылышта өтө сейрек кездешкендиктен о. ж-лык маанидеги чогундулары аз учурайт. Бирок, кээде алтын м-н платинанын таза чогунду кендери кездешет. Австралиядан табылган «Холтерман плитасы» аталган таза алтындын салм. 83,3 *кгга* жеткен. Айдын тоо тектеринде ж-а метеоритте жер кыртышында сейрек кездешүү таза темир, никель ж. б. бар. Т. т. к. (с.) э. магма ж-а метасоматоз процессинен пайда болот. Жаратылышта чачынды түрдөгү кендер да жолугат.

ТАИЛАНД, Таиланд Королдугу — Түш.-Чыгыш Азиядагы мамлекет. Түштүгүнөн Түш. Кытай деңизинин Сиам булуңу, түш.-батышынан Андаман деңизи чулгайт. Батышынан Бирма, чыгышынан Лаос ж-а Кампучия, түштүгүнөн Малайзия м-н чектешет. Аймагына анча чоң эмес араалдар кирет.





Аянты 514 миң *км*². Калкы 45 млн (1978). Борбору — Бангкок ш. (калкы 5,0 млн, шаар айланасы м-н, 1979). 71 провинцияга (чангват) бөлүнөт.

Мамлекеттик түзүлүшү. Т.— конституциялык монархия. Мамлекет башчысы — король. 1977-жылкы убактылуу конституциясына ылайык закон чыгаруучу жог. органы — Улуттук ассамблея.

Мамл. гербин ж-а мамл. желегин к. *Мамлекеттик герб*, *Мамлекеттик желек* макалаларынын таблицасынан.

Табияты. Аймагынын теңинен көбүн ойдундуу түздүк (Менам ж. б.)ээлейт. Түн. ж-а батышында Кхунтхан, Таненгаунжи, түш.-чыгышында Кравань тоолору жатат. Эң бийик жери 2576 *м* (Интханон чокусу). Чыгышынан жазы Корат платосу (орт. бийикт. 120—200 *м*) ээлейт. Климаты субэкватордук, муссондук. Орт. айлык темп-расы 10—29°С. Жылдык жаан-чачыны 900—3000 *мм*. Эң ири дарыясы — Менам-Чао-Прая (Менам); чыгыш чек арасы аркылуу Меконг д. агат. Кызгылт сары латерит, күрөң кызыл, аллювий ж-а шалбаа топурактары кеңири тараган. Жалбырагы күбүлмө токой (тик, сал ж. б.), жаан-чачын көбүрөөк жааган аймактарын-





Аюттхайдагы Менам-Чао-Прая д.

да дайыма жашыл тропик токою, Корат платосунда саванна, сейрек токой, бадалдар басымдуу. Жаныбарлары: гиббон, пил, керик, тапир, жолборс, кабылан, лемур, аюу ж. б.

Калкы. Т.— көп улуттуу өлкө. Тайлар (50%тен көп), лаолор, кытайлар, малайялыктар, кхмерлер, хулер ж. б. жашайт. Мамл. тили — тай тили; дини — буддизм. Орт. жышт. 1 км²го 80 киши. Ири шаарлары: Бангкок, Чиангмай.



Бангкок ш-нын жалпы көрүнүшү.

Тарыхы. Т. аймагында адам палеолит доорунан жашай баштаган. В. з. ч. 1-миң жылдыкта Юньнань бөксө тоолорун мекендеген тай уруулардын укум-тукумдарынын бир бөлүгү б. з. 1-к-нын башында түштүккө жер оон, жерг. калктар м-н аралашып, 12-к-дын алгында Менам-Чао-Прая д-нын өрөөнүндө тай кнлздыктарын түзгөн. 13-к-дан Т-дын аймагына буддизм тараган. 1350-ж. Сиам мамлекети пайда болгон. Франция 1893, 1902, 1907-ж. Сиамдын Инди-Кытай ж. а-ндагы өз эөлиптерине чектеш жерлерин басып алган. Россиядагы Октябрь рев-ясынын таасиринен Сиамда 1928-ж. жумушчулар арасында марксизмди жайылтуу ийрими түзүлүп, 1938-ж. аскердик-бюрократтык тоболдор бийликке келип, 1939-ж. Сиам Т. деп аталган. 1940-ж. июнда Т. импер. Япония м-н достук, 1941-ж. декабрда согуш жагынан жардамдашуу келишимдерин түзгөн. Булар б-ча Япония Т-га аскерлерин киргизген. 1942-ж. 25-январда Т. Улуу Британияга, АКШга согуш жарыялаганы м-н чынында Японияны оккупациясында калган. 1942-ж. компартия түзүлүп, улуттук-бошт. күрөш күчөгөн. Японияга каршы кыймылдын өсүшүнөн өкмөт кулап, Т. 1945-ж. 19-августта антияпониялык коалицияга кирген өлкөлөрго тынчтык ж-дегү өтүнүч м-н кайрылган. Согуш алктаган соң Сиамда (1945-ж. сентябрдан 1948-ж. августка чейин ушундай аталган) демокр. кыймыл күчөп, 1946-ж. декабрда 1933-жылдагы антикоммунисттик закон алынып ташталган. Бирок 1947-ж. реакциячыл офицерлер аскер төңкөрүшүн жасап, демократияга каршы репрессияларды уюштурган. Компартия подпольеге өткөн. 1950-ж. өкмөт АКШ м-н экон., тех. кызматташуу, согуш жагынан жардамдашуу келишимин түзүп, 1951-ж. соц. өлкөлөр м-н соода жүргүзүүгө тыюу салган. Т. 1954-ж. СЕАТОго кирген. Сентябрда армиянын командованиеси төңкөрүш жасап, жакы өкмөт бардык коомдук уюмдарга тыюу салган. 1962-ж. мартта коргонуу ж-дө амер.-таиланддык декларацияга кол коюлган соц Т-дын аймагына амер. согуш базалары курулуп, АКШ алардан ВСРге, Түш. Вьетнам патриотторуна, Лаоско, Кампучияга каршы согуш самолёттору жиберип турган. 1966—72-жылдардагы Вьетнамдагы бошт. согушун басууга Т. да аскер жиберген. 1971-жылдагы аскер төңкөрүшүнөн кийин өлкөгө согуштук абал киргизилип, 1968-жылдагы конституция жокко чыгарылган, парламент таркатылып, саясий партияларга тыюу салынган. 1973-жылдан октябрдагы демонстрациялар аскер өкмөтүн библиити гражд. кабинетке берүүгө мажбур кылып, 1975-ж. январда парламентке жалпы шайлоодон соц коалициялык өкмөт түзүлгөн. Бул өкмөт демокр. реформаларды жүргүзбөгөндүктөн массанын нааразылыгы күчөп, 1976-ж. январда парламент таркатылып, апрелде коалициялык кабинет түзүлгөн. Бейтарап саясатты жактаган күчтөрдүн кысымынан бул өкмөт 1976-ж. 26-июлда амер. аскерлерди Т-дан кетирген. Т-да 1976-ж. октябрда кайтадан мамл. төңкөрүш болгон. 1977-ж. октябрда аскер төңкөрүшү болуп, өкмөт м-н Улуттук ассамблея таркатылып, 1976-жылкы кабыл алынган конституцияга тыюу салынган. Т. м-н СССРдин ортосунда дипл. мамиле 1941-ж. 12-мартта түзүлгөн.

Саясий партиялары. 1976-ж. октябрдагы аскердик төңкөрүштөн кийин бардык партиялар таркатылган. Ага чейин Тай улуттук партиясы, Соц. адилеттик партиясы, Демокр. партия, Социалдык аракет партиясы ж-а «Жацы күч» партиясы, Соц. партия ж-а Бириккен соц. фронт ж. б. бир нече партиялар болгон. Т. коммунисттик партиясы, 1942-ж. негизделген. 1947-жылдан жашырын иштейт.

Экономикасы. Т.— өнүгүп келе жаткан агрардык-индустр. өлкө. Экономикасы чет эл капиталына көнкор. Жериинн көбү помещиктерге тиешелүү. Арендага берүү жайылган. А. ч-га жарактуу жери 15,9 млн *га*, анын 12,4 млн-у айдоо, 2 млн-у шалбаа м-н жайыт. Негизги а. ч. өсүмдүгү—шалы, жүгөрү, тамыр, ак жүгөрү, буурчак, батат, маниок, жер жаңгак, күнжут, бал камыш ж. б. Субтропик ж-а тропик өсүмдүктөрү, гевея, каучук дарагы өстүрүлөт. 1974-ж. 10,5 млн ири мүйүздүү мал (5,7 млн-у буйвол), 4,7 млн чочко, 10 миң пил болгон. Балык кармалат. Токою баалуу жыгачка бай (тик, янг, эбен, сал, сандал жыгачы ж. б.).

Калай рудасын казып алуу маанилүү орунда. Андан башка вольфрам, темир, сурьма, марганец, коргошун, цинк, асыл таштар, нефть ж. б. казып алат. 1976-ж. 8695 млн *кет·с* электр энергиясы алынган. Тамак-аш (күрүч, балык, кант, кокос ж. б.) тактай тилүү, каучук иштетүү, текстиль, нефть ажыратуу, нефть-химия, химия, фармацевтика, металл иштетүү ж. б. о. ж. ишканалары бар. Металл буюмдарын ж-а аспан чыгаруу, түстүү ж-а кара металлургия о. ж. өнүгүүдө. Автомобиль жолунда уз. 43,3 миң *км*, т. ж. 3765 *км* (1978). Негизги порту — Бангкок. Сыртка күрүч, жүгөрү, каучук, калай, маниок, кендир, асыл таштар, жыгач ж. б. чыгарын, сырттан машина, нефть ж-а нефть продуктулары, кара металл ж. б. алат. Соода шериктери: Япония, АКШ, ГФР, Нидерланд, Улуу Британия. Соц. өлкөлөр м-н соода байланышы өнүгө баштады. Акча бирдиги — бат. 20,4 бат=АКШнын 1 долларына (1975).

Маданияты. Т-да 4—7 жаштагы балдар үчүн мектепке чейинки мекемелер иштейт. Башталгыч мектепке 7 жаштан кабыл алынат. Окуу мөөнөтү 7 жыл. Башталгыч мектеп мугалимдери толук эмес орто мектеп базасында, орто мектеп мугалимдери пед. ин-ттарында ж-а ун-тгерде даярдалат. Жеке менчик мектептер көп. Окуу тай тилинде. Кесипчилик мектептер, пед. ин-ттар бар. Бангкокто 5 ун-т (58,4 миң студент), Улуттук китепкана, Улуттук музей бар.

1977-ж. Т-да 130дай газета ж-а 400дөн ашык журнал чыккан. Негизги газеталары: тай тилинде «Тай рат», «Прачатипатай» ж. б.; англисче «Бангкок пост» (1946) ж-а «Нейш ревью» (1971). Радио уктуруусу 1938-ж., телекөрсөтүүсү 1955-ж. уюшулган.

Тай өлкөнүн алгачкы адабий эстеликтери 13—14-к-га таандык («Рама Камхенгдин стеласы», 1292). 19-к-га чейинки ад-ты инди ад-тынын таасиринде өнүккөн. О. кылымдагы классикалык ад-ты диний мүнөздө өнүгүп, көбүнчө ыр түрүндөгү чыг-лар жаралган: «Улуу туркуш» поэмасы (1482), «Юандардын жеңилиши» (15-к.) ж. б. 18-к-дын алгынан чыг-лыкта диний темадан гражд. темага өтүү башталып, тунгуч прозалык чыг-лар пайда болгон. 19-к-да жаралган при

1. Шалы талаасы. 2. Пхукет а-нда калай чачынды кенин гидравликалык жол м-н иштетүү.





чыг-лар: «Кун Чанг жана Кун Пэн» поэмасы, «Пра Апайманн» дастаны, король Рама IIнин «Инао» поэмасы ж. б.

1932-жылкы мамл. төңкөрүштөн кийин ад-тта реалдык методу бекип, эки багыт пайда болду: натуралисттик ж-а социалдык реалисттик багыт. Натуралисттик багыттагы жазуучуларга турмушту идеалдаштырган психол. конфликтүү чыг-лар жазуу мүнөздүү: Докмайсот, Ко Сурангкананг (1911-ж. т.), Сот Кунмарохит (1908-ж. т.), Малай Чупинит (1906—63). Социалдык реалисттик багыттагы жазуучулардын чыг-ларында эл турмушу сүрөттөлөт: Сибурапа (1905—74), Лао Камхом (1930-ж. т.), Ачин Панчапан (1927-ж. т.) ж. б.

Б. з. 1-миң жылдыгында Т. иск-восунун өнүгүшүнө кхмер ж-а инди иск-восу зор роль ойногон. Тай өлкөнүн о. кылымдагы иск-восу Арти, Сукотай, Лопбури ж. б. борборлордо 14—15-к-да калыптанган. Т-дын арх-расына дворецтер ж-а мунаралуу (коңгуроо сымал) храм ансамблдер мүнөздүү. 18-к-дын ортосунан тартып оймолонгон кооз храм, дворецтер негизинен Бангкокто тургузулган. 20-к-дын 2-жарымындагы прогрессчил сүрөтчүлөр: Фуа Харабитак, Тави Нандакван скульптор Хъен Нимсари, график Манита Пу Ари ж. б. Элдик көркөм кол өнөрчүлүк кеңири өнүккөн.

Т-да байыртан өлө диндик майрамдар, үйлөнүү, бешик тойлору ж. б. ыр ж-а музыка м-н коштолгон. Т. музыкасында жарым тондор жок. Муз. чыг-лар жеңекей ритмде болуп, тез темпте аткарылат. Муз. аспаптары: чинг, пинай (чоор), ку сау сам сай (скрипка тибиндеги), тьакау (чоң гитарага окшош). Оркестр адатта индия тимпаны ж-а 2 кытай барабанынан турат. Чоң оркестрде кылдуу аспаптар (сау сам сай, кытай скрипкасы) колдонулат. 19-к-дан европ. аспаптар өздөштүрүлө баштаган.

Ад.: Современный Таиланд, М., 1958; Яковлева Н. В., Соломонова М. Д., Таиланд, М., 1957; Берзин Э. О., История Таиланда, (Краткий очерк), М., 1973; Искольдский В. И., Таиланд. Экономические очерки. М., 1971; Корнев В., Литература Таиланда, М., 1971; Ожегов С. С., Архитектура Таиланда, в кн.: Всеобщая история архитектуры, т. 9. Л.—М., 1971.

ТАИЛАНД КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫ (ТКП) 1942-ж. подполдук маркстик топтордун жашырын 1-съездинде уюшулган (2-съезди—1952, 3-съезди — 1961). Экинчи дүйп. согуш убагында (1939—45) япон оккупанттарына каршы күрөшкөн. 1946-ж. ачык иштоого мүмкүнчүлүк алып, басма сөз органын — «Махачон» газетасын чыгарган. 1947-ж. өлкөдөгү төңкөрүштөн кийин ТКП подпольеге кетип, жашырын «Сианг Конг Прачачон Тай» («Таиланд элинин үнү») радио уктуруу органын түзгөн; өлкөдөгү режимге ж-а чет өлдик империализмге каршы күрөшкөн. 60-жылдары ТКП түзгөн Таиланд улуттук-бошт. армиясы өкмөт аскерлерине ж-а полицияга каршы партизандык операцияларды жүргүзгөн. 1969-ж. ТКПнин радиосу «Таиланд өлдик бөштондук армиясынын Жогорку командованиесинин» түзүлгөнүн жарыялаган. ТКПнин делегациясы Коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын эл аралык кеңешмелерине (1957, 1960, Москва) катышып, алардын документтерин жактырган. Бирок кийинки мезгилде ТКП жетекчилери Кытай компартиясынын жетекчилеринин ырк бузар таасири м-н эл аралык коммунисттик кыймылдан оолактаган.



Бангкок. Дусит Махапрасаттын Король сарайындагы такты залы. 1780.

ТАЙЛЕР — тай тилдеринде сүйлөгөн өлдердин тобу. Түш. Кытайда, Инди-Кытай өлкөлөрүндө ж-а Индиянын түн.-чыгышында жашайт. Жалпы саны 50 млн-дой (1973). Т-ге *кхон-тай* (спамдыктар), лаолор, чжуандар, шандар, буилер, дундар, тайлар, лилер кирет. ВСРдин түн. районторунда, Таиланд м-н Бирмада, о. өлө Лаосто жашаган бир катар майда өлдер «тоолук таилер» деген ат м-н бириишкен.

Ад.: Народы Восточной Азии. М., 1965; Народы Юго-Восточной Азии, М., 1966.

ТАЙРОВ Александр Яковлевич [24.6(6. 7). 1885, Ромны ш.— 25. 9. 1950, Москва] — сов. режиссёр, РСФСР эл арт. (1935). 1905—13-ж. Петербург, Москва, Рига, Киев театрларында актёр ж-а режиссёр. Т.— Москвадагы Камера театрынын (1914—50) уюштуруучусу ж-а көркөм жетекчиси (1949). Бул театрда көйгөн спектакльдери: «Сакунтала» (Калидаса, 1914), «Жирофле-Жирофля» (Ш. Лекок, 1922), «Федра» (Ж. Расин. 1922), «Оптимисттик трагедия» (В. Вишневский, 1933), «Мадам Бовари» (Г. Флобердики б-ча, 1940), «Абышка» (М. Горький, 1946) ж. б. Т.— 20-к-дагы театр өнөрүндөгү жаңычыл режиссёрлордун бири. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

Ад.: Головашенко Ю. А., Режиссёрское искусство Таирова. М., 1970.

ТАИТИ — Тынч океандагы жанар тоо аралы, Коом аралдар тобунун эң ири си. Франциянын эөлиги. Алиты 1042 км². Калкы 84,5 миң (1970). Аралда ичке (2 кмге чейин) мойнок м-н туташкан 2 тоо массиви (бийикт. 2241 мге чейин) бар. Базальттан турат. Шуру рифтери м-н курчалган. Климаты тропиктик, деңиздик. Жылдык жаан-чачыны 1400 *мм*. Нымдуу тропик токою осот. Жээгиндеги ойдуңдарда кокос пальмасы, банан, бал камыш, ваниль, ананас плантациялары бар. Бермет алынат. Балык уулоо өнүккөн. Сыртка кокос жаңгагынын данегин, седеп, ваниль чыгарат. Админ. борбору ж-а башкы порту — Папеэте.

ТАП — бир жатар жылкы. Ал өзүнчө болуп, атайын жылкычы багат. Зоовет. эрежелердин негизинде туура тоюттандыруу ж-а багуу аның өсүп жетилишине көмөк берет, к. *Жылкы*.

ТАЙБУГА — чыгыз тукуму м-н байланышпаган, жерг. ак сөөктөрдөн чыккан Сибирь хандарынын династиясынын легендарлуу негиздөөчүсү. Шейбанид Ибак өлтүрүлгөндөн кийин «Тайбуга уруусунан» чыккан Мамет (Махмет) 1495-ж. татар улустарынын саясий союзун жетектеген. 16-к-дын 1-жарымында Т. династиясынын хандары Казан хандары м-н никелик байланыш түзүшкөн. Едигер (Ядигер) ж-а Бекболот хан өздөрүн Москванын вассалыбыз (1555) деп эсептешкен. 1563-ж. Сибирь тактысына шейбанид Кучум келгенден кийин Т. династиясы бийликтен ажыраган.

ТАЙБЭЙ — Кытайдагы шаар. Тайвань а-нын түн. бөлүгүндө, Даньшуйхэ д-нын боюнда. Тайвань провинциясынын админ. борбору. Калкы 2,1 млн (1976). Провинциядагы эң ири шаар ж-а негизги экон. борбор. Т. ж. тоому. Эл аралык маанидеги аэропорту бар. Металлургия, машина куруу (кеме ремонттоо ж-а электроника), цемент, химия, жыгач иштетүү, кагаз, парфюмерия-фармацевтика, тамак-аш (кант, чай, жашылча-жемиш, балык консервалоо) ө. ж. ишканалары иштейт. Т-ге жакын көмүр казылып алынат.

ТАЙВАНЬ, Формоза — Тынч океандагы арал. Азиянын түш.-чыгыш жээгинен орун алган. Материктен Тайвань кысыгы бөлөт. Пэнху а-дары м-н кошо Кытайдын провинциясы. Уз. 394 *км*, жазылыгы 140 *км*, аянты 36 миң км². Калкы 16 млн-дон ашык (1978). Аралда түндүктөн түштүккө карай Тайвань тоолору (бийикт. 3997 мге чейин) созулуп жатат. Түндүгүндө очкон жанар тоолор тобу жайгашкан. Таш көмүр, күйүүчү газ, нефть, алтын кени бар. Климаты түндүгүндө субтропиктик, түштүгүндө тропиктик, муссондук. Жылдык жаан-чачыны 1500—5000 *мм*. Дарыяларынын суусу мол. Кызыл күрөн токой топурагы мүнөздүү. Аймагынын $^1/_3$үн токой ээлейт. 3300 *м* бийиктиктен жогору бадал ж-а шалбаа өсөт.

Экономикасы индустр.-агрардык мүнөздө. 1973-ж. 19,8 млрд *кет·с* электр энергиясы алынган. Негизги ө. ж. тармактары: текстиль, радио электроника, кеме куруу, тамак-аш, химия ж-а нефть-химия, нефть ажыратуу, цемент, болот эритүү, алюминий ө. ж. башкы ө. ж. борборлору — Тайбэй, Гаосюн, Тайчжун. Т. камфара өндүрүүү ж-а экспорттоо б-ча алдыңкы орунда. А. ч-га жарактуу жериинн $^1/_2$ине шалы өгилет (жылына 2—3 түшүм жыйналат). Т.— камфара өндүрүүчү ири арал. Ө. өлө бал камыш, тропиктик момо-жемиш (ананас, банан, мандарин), чай өстүрүлөт. Балык промысели бар. Автомобиль жолунун уз. 17 миң *км*, т. ж. 5 миң кмге жакын.



Т. Тайгараев.

Т. байыртан материктеги Кытай м-н тыгыз байланышта. 12—13-к. ченде Т. м-н Фуцзянь провинциясынын ортосунда офицналдуу админ. байланыш түзүлгөн. Т-га коп учурда колониячыл державалар (16—17-к-да Португалия, Голландия, Испания, 19-к-да Англия, АКШ, Франция, Япония) кол салып турган. 1895-ж. *Симоносеки келишими* б-ча Япония Т. м-н Пэнхуледао а-дарын Кытайдан тартып алган. Т. калкы 1945-ж. япондук милитаризм талкаланып, арал Кытайга кайтарылганча бошт. үчүн күрөшкөн. 1949-ж. кытай элинен талкаланган Чан Кай-шинин калган жанджокорлору АКШнын Т-дагы кураллуу күчтөрүнө баш калкалаган. АКШ Кореяга интервенция жасоо м-н бирге 1950-ж. 27-июнда Т. аймагын аскердик контролго алгандыгын ж-а Т. кысыгын АКШнын 7-флоту патрулдап турарын жарыялаган. Т-ды басып алганын «закондоштурууга» аракеттенип, 1954-ж. 2-декабрда АКШ чанкайшичилер м-н өз ара кооперативдик «келишим» дегенге кол коюшкан. Кытайдын Т-га закондуу укуктуулугу ж-дегү эл аралык келишимди бузуп, АКШ Т-ды Кытайдан бөлүп, «Эки Кытай» деген кырдаал түзүүгө аракеттенген. 1971-ж. октябрга чейин Т. КЭРдин ООНдогу ордун законсуз ээлеп келген. 1971-ж. СССР ж. б. соц. өлкөлөрдүн колдоосу м-н КЭР ООНго мүчө болду. Кытай Т-ды өзүнүн ажырагыс бир бөлүгү деп эсептеп, дипл. ж-а саясий мамиле түзгөн эмес.

ТАЙВАНЬ КЫСЫГЫ, Тайваньхайся, Формоза кысыгы Азия материгинин жээги м-н Тайвань а-нын ортосунда. Чыгыш Кытай ж-а Түш. Кытай деңиздерин туташтырат. Уз. 360 *км*че, кууш жери 130 *км*, тайыз жери фарватерде 60 *м*. Материк жээги булуң-буйткалуу. Аралы (Пэнху ж. б.) коп. Агымы кышында түштүккө, жайында түндүккө багытталган. Порттору: Гаосюн, Фучжоу, Сямынь (Кытай).

ТАПГА — карагайдын ж-а кедрдин түн. (бореалдык) түрлөрүнөн турган түн. мелүүн алкактагы ийне жалбырактуу токойлор. Мында анча коп эмес жазы жалбырактуу токойлор да кездешет. Т-да кыш суук, дайыма калың кар жатат. Июль айынын орт. темп-расы 10—18°Сден ашпайт. Түн. мелүүн алкактын зоналарынын бири да Т. деп аталат. Т. Европа м-н Азиянын, Түп. Америкалын түн. бөлүгүнүн кең мейкиндиктерин ээлейт. Ал өсүмдүк составына жараша карала-жыш түстөгү ийне жалбырактуу (карагай, кок карагай, сибирь мырза карагайы, кедрлер) ж-а ачык түстөгү ийне жалбырактуу (токой мырза карагайы, кызыл карагай ж-а америка мырза карагайынын кээ бир түрлөрү) токойлор болуп бөлүнөт. Т. жалац карагай же кызыл карагайдан, кээде кок карагайлар м-н түнт токойлорду түзүп, калган токойлорго салыштырганда коп аянт ээлейт. Т-да кайың, эмен, клён, ольха, бадалдардан арча, шилби, тал, карагат ж. б. осот. Кырг-ндын (негизинен Түп. Кырг-нда) деңиз деңг. 1600—3000 *м* бийик жаткан алкактарында карагай, кок карагай ж. б-дан турган токойдун Т. сымал түрлөрү кездешет.



ТАЙГА КЕНЕСИ (Ixodes persulcatus) — мите кененин бир түрү. Ачка ургаачысынын денесинин уз. 4 *мм*, кан соргондон кийин 11 *мм*ге жетет, эркеги 2,5 *мм*. Буттарында курч тырмакчалары болот. Личинка ж-а нимфасы кемирүүчүлөр м-н куштарда, чоң кенелери малда, кээде кишиде мителик кылат. Ал тайганын түш. бөлүгүндө, Камчатка м-н Сахалинден Карел АССРине чейин, түштүгү Москва, Брянск ж-а Алтайда, Кырг-ндын карагайлуу токойлорунда кездешет. Кене энцефалитинин вирусун таратат.

ТАЙГАРАЕВ Тукубай [1923, Жалал-Абад обл., Октябрь р-ну (азыр Ош обл., Сузак р-ну), Кедей-Арык (азыр Тайгараев атн.) кыш.— 19. 7. 1944, Латыш ССРи, Рунде кыш.] — Сов. Союз. Баатыры (1945, өлгөндөн кийин), сержант. Кедей үй-бүлөдөн. 1942-жылдан Сов. Армияда, Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) 219-аткычтар дивизиясынын 375-аткычтар полкунун 1-аткычтар ротасында отделение командирине жардамчы. Т. 1944-ж. 14-июлда Сафоново кыш-ныи (Латвия) жанындагы душмандын коргонуу линиясынан өтүүдө 10 фашистти өлтүрүп, бешөөнү туткундаган. 19-июнда Т. 10 чалгынчы м-н бирге Сунуплявы бийиктиги үчүн салгылашта 3 жолу жарадар болсо да, огу түгөнгүчө ондогон фашисттерди өлтүрүп, курман болгон. Т-дин аты туулган кыштагына ж-а совхозго берилген.

Ад.: Бакалов А., Тимофеев Д., Сердца бьются вместе, М., 1970.

ТАПЛАК — бир жашар тоо. Ал зоовет. эрежелердин негизинде багылат ж-а тоюттандырылат, к. *Тоо*.

ТАПЛАК (1800-ж. чен, Куртка — 1839, март) — элдик баатыр. Ал Ат-Башы, Ак-Талаа, Тогуз-Торо багытындагы кыргыздардын Кокон ханлыгына каршы күрөшүн жетектеген. Т. баштаган кыргыздар 1830-ж. Кокон эзүүчүлөрүнө каршы көтөрүлүш чыгарган. Көтөрүлүшчүлөр Куртка сепилине кол салып, аны кыйратышкан. Көтөрүлүштү басуу үчүн хан жиберген жазалоочу отрядды да ойрондогон. Т. баштаган кол кыргыз жерине басып кирген 700 кытай аскерин талкалаган. Т. башкарган көтөрүлүшчүлөрдөн чочулаган кокондук бийлөөчүлөр дарылап айыктырабыз демиш болуп, ооруп жаткан Т-ты «табынчыга» өлтүртүшкөн. Т-тын ысымы кыргыз элинде кеңири маалым. Акын А. Чоробаев ал ж-дө «Тайлак баатыр» деген поэма жазган.

ТАЙМАНОВ Исатай (1791—12. 7. 1838) — 19-к-дын 30-жылдарында Бөкөй ордосундагы (Каз-н) антифеод. ж-а антиколон. көтөрүлүштүн жетекчиси. Дыйкандар таламын жактаган Т-го Жангир хан нааразы болуп, 1837-ж. көтөрүлүшчүлөрдү талкалаган. Т. анча чоң эмес кошууну м-н качып чыгып, Кичи жүздү Россиядан болүүгө аракеттенген султан Кайыпгалы Ишимово кошулган. 1838-ж. падыша аскерлери м-н кагылышта өлгөн.

ТАЙМЕНДЕР (Hucho) — балыктын лосостор тукумундагы уруусу. Түрлөрү майда, денесинде кара тактары бар. Ири, жырткыч балыктар. СССРде 3 түрү (дунай лососу, таймень ж-а сахалин Т-н) белгилүү. Таймендин уз. 2 *м*, салм. 80 *кг*га жетет. Волга м-н Печораның башталышынан Амурга чейинки дарыяларда кездешет. Жазында 10—34 миң икрасын агын сууга таштайт. Промыселдик маанини бар.

ТАЙМЕР (англ. time — убакытты белгилөө) — белгиленген убакыт өткөндө тех. системаны, машинаны же аппаратты иштетүүчү (же токтотуучу) текшерип жөндөгүч прибор. Иштөө принцибине жараша Т. мех., гидравликалык, пневматикалык ж-а электрдик болуп айырмаланат. Т-дин иштөө узактыгы убакыт релеси сыяктуу алдын ала белгиленет. Т. бир жолу коп жолу ж-а циклдүү иштейт. Бир жолу иштөөгө иштөө мөөнөтү кол м-н коюлат, коп жолку иштөөдө механизм автоматтык түрдө, ал эми цикл-

дүүдө белгилүү бир убакыттан (циклден) кийин иштейт.

ТАЙМЫР (ДОЛГАН-НЕНЕЦ) АВТОНОМИЯ ОКРУГУ РСФСРдин Красноярск крайында. 1930-ж. 10-декабрда түзүлгөн. Үюл тегерегинин түн. жагында жайгашкан. Карск ж-а Лаптевдер деңиздери чулгайт. Аянты 862,1 миң *км*². Калкы 44 миң (1979). Борбору — Дудинка ш. Округ Эмгек Кызыл Туу (1971), Эл Достугу (1972) ордендери м-н сыйланган.

Аймагын *Таймыр жарым аралы, Орто Сибирь бокөө тоосунун* түн. бөлүгү, *Түндүк Жер аралы, Батыш Сибирь түздүгүнүн* бир бөлүгү ээлейт. Кен байлыктары: жез, никель, көмүр, газ ж. б. Климаты арктикалык ж-а субарктикалык. Январдын орт. темпрасы —30°С, июлдуку 2—13°С. Жылдык жаан-чачыны 110—350 *мм*. Дарыялары: Енисей (төмөнкү агымы), Пясина, Таймыр, Хатанга; көлдөру— Таймыр, Хантай ж. б. Округ арктика, тундра ж-а токойлуу тундра воналарынан орун алган. Жаныбарлары: түн. бугусу, аркар, ак түлкү, ак аюу, карышкыр ж. б.

Округда орус (80%), долган (12%), ненец (6%), нганасан ж. б. улуттар жашайт. Орт. жышт. 1 *км*²го 0,05 киши. Шаар калкы 65% (1979). Токөн ж-а балык ө. ж. маанилүү орунда. Чарбасынын мурдатан өнүккөн салттуу тармактары: бугу өстүрүү, териси баалуу айбандарга анчылык кылуу, балык кармоо. Сүт багытындагы мал ж-а жапайы айбандарды өстүрүү, түстүү металлургия өнүгүүдө (Норильск тоо-металлургия комбинаты). Балык иштетүүчү в-ддор (Дудинка, Хатанга, Усть-Порт) бар. 1975-ж. 93 миң бугу болгон. Баалуу ан терилерин негизинен капаста багылган айбанаттардан алат (көгүлтүр түлкү, калтар). Дарыя, деңиз, аба, т. ж. транспорттору бар. 1974—75-окуу жылында жалпы билим берүүчү 28 мектеп, зоовет. техникуму болгон. 1975-ж. 23 китепкана, 37 клуб, 63 киноустановка, край тааныу музейи иштеген. 1932-жылдан «Советский Таймыр» газетасы чыгат.

Ад.: Соболев Д. З., Преображенный Таймыр, Красноярск, 1960; Кузаков К. Г., Национальные округа Крайнего Севера СССР, М., 1964; Российская Федерация. Восточная Сибирь, М., 1969 (серия «Советский Союз»).

ТАЙМЫР ЖАРЫМ АРАЛЫ Азиянын түндүгүндө. Карск деңизиндеги Енисей ж-а Лаптевдер деңизиндеги Хатанга булуңдарынын ортосунда. Жарым аралдын түн. чети — Челюскин тумшугу, түштүгү — Орто Сибирь бокөө тоосунун түн. урчугу. Уз. 1000 *км*, жазылыгы 500 *км*, аянты 400 миң *км*². Жээги булуң-буйткалуу. Жер бетинин түзүлүшү б-ча Зко (Түн. Сибирь ойдуңу, Бырранга тоолору, Түн. Таймыр ойдуңу) болүнөт. Климаты катаал, бардык жериндө коп жылдык тоң тоо тектери жатат. Ири дарыялары: Пясина, Жог. ж-а Төмөнкү Таймыр, Хатанга. Тундра, глей, арктика топурагы басымдуу. Тундра өсүмдүктөрү, түштүгүндө сейрек токой өсөт.

ТАЙМЫР КӨЛҮ Таймыр ж. а-нда. Бырранга тоосунда. Уз. 250 *км*, аянты 4560 *км*², орт. терең. 2,8 *м*, эң терең жери 26 *м*. Жээги булуң-буйткалуу (булуңдары: Байкураперу, Юкаяму, Муздуу). Түн. ж-а чыгыш жээги тик, түштүгү жантайыңкы. Түбү тегиз. Кар, жамгыр сууларынан куралат. Көлдүн орт. темп-расы августта 7°С. Сентябрда тоңуп, июлда ачылат. Көлгө Жог. Таймыр куюп, Төмөнкү Таймыр агып чыгат. Балык (голец, сиг, муксун ж. б.) бар.

ТАЙПАК ТОО — жер бетинде кең мейкиндикти ээлеген бокөө ж-а кырка тоолуу аймак; айрым жерлеринде жайык тегиз чуңкурдуктар кездешет. Т. т. негизинен деңиз деңг. бийик жайгамат (мис., Кичи Азиянын ички бөлүктөрү, *Армян тайпак тоосу, Иран тайпак тоосу, Тибет тайпак тоосу*).

ТАЙПИН КӨТӨРҮЛҮШҮ — 1850—64-жылдары Кытайдагы дыйкандар согушу. Манжурлардын *Дин* династиясына ж-а феод. эзүүгө каршы Хун Сю-цюандын жетекчилиги м-н Гуанси провинциясында башталган. Негизинен дыйкандар көтөрүлгөн. Т. к. башка жерг. көтөрүлүштөрдөн даярдыгы ж-а уюшкандыгы м-н айырмаланган. Көтөрүлүштүн жүрүшүндө Хун Сю-цюань башында турган Тайпин тыңыо мамлекети түзүлгөн. 1852—53-ж. тайпиндер өлкөнүн борб. бөлүгүнө бир катар ийгиликтүү жортуул жасагандан кийин алардын санны 30 миңден 500 миң кишиге жеткен. 1853-ж. марта көтөрүлүшчүлөр Нанкинди ээлеп, аны өз борборуна айландырган.

Т. к-нүн жетекчилери феодалдардын жерин конфискациялоо, бүткүл кыштак элин аскер жамаатына бириктирүү, жерди жамаат мүчөлөрүнө тең бөлүп берүү б-ча закон чыгарган, бирок иш жүзүндө помещиктерге салыктын көбүн төлөтүү, дыйкандардын аренда акысын кыскартуу м-н гана чектелген. Т. к-нүн жетекчилери болок жердеги дыйкандар кыймылын күрөшкө багыттай алган эмес. 1856-ж. тайпиндер үч ара чыр-чатактан кийин экиге бөлүнүп (бирин Ши Да-кай, экинчисин Ли Сю-чэн жетектеген), 1863—64-ж. феод. армияга ж-а чет өлдик интервенцияга (Англия, АКШ, Франция) таянган манжур өкмөтүнөн талкаланып, Нанкин манжурлардын колуна өткөн.

Ад.: Тайпинское восстание 1850—1864. Сб. документов, М., 1960; Илюшечкин В. П., Крестьянская война тайпинов, М., 1967 (лит. с. 386—92).

ТАЙ ТИЛДЕРИ — Таиланд, Лаос, Түш. Кытай, Түн. Вьетнам ж-а Түн.-Чыгыш Бирмага тараган тектеш тилдер тобу. Т. т-нде 35 млн-чо киши (1975) сүйлөйт. Негизгилери — тай (сиам) (Таиланд), лаос, шан (Бирма) ж-а чжуан (КЭР, Гуанси) тили. Т. т. түн., борб. ж-а түш.-батыш деп үч топко бөлүнөт. Алардын ортосунда орчундуу айырма жок. Түш.-батыш тобундагы тилдердин көбүнүн өзүнчө жазуу системасы бар; алгачкы жазуу эстеликтери 13-к-га таандык.

Ад.: Сердюченко Г. П., Обзор языков чжуан-тайской группы в КНР, в кн.: Труды 25 Международного конгресса востоковедов, т. 5, М., 1963.

ТАП ТУЯК — тайдын туягынан жасалган эски бут кийимдин бир түрү. Ары койчу, мергенчи, жарды-жалчы кийген. Жеңилирээк болушуна карап көбүнчө тайдын төрт туягын колдонгон (ошол себептен Т. т. аталган). Ар бир туяк алды-артынан төрт жеринен көзөлгөн. Эки туяктын тегерек жагы сыртына, туура кертилген ондүү жагы ич жагына каратылып, бир бирине кынаштырылып, тушташ көзөнөктөрүнөн кайыш м-н кошоктоштурулуп байланган. Алды-артындагы төрт тешигинен кайыш боо өткөрүлүп, алар м-н туяк бут кийимге бекитилип байланган. Туяктардын экинчи жубу да ушундайча байланыштырылган. Кийин Т. т. жыгачтан, темирден да жасала баштаган. Т. т. кийиз чокой, чарык сыяктуу бут кийимдердин бат жыртылышынан ж-а бышык (айрыкча таманы калың) бут кийимдердин жоктугунан улам пайда болгон.

ТАЙФУН (кытайча тай фын — чоң шамал) — Тынч океандын батыш бөлүгүндө (Түш. Кытай деңизи ж-а Филиппин а-дарынын үстүндө), экватордон түн. тарапта пайда болуучу тропик циклонунун жерг. аты. Т. батыш ж-а түн.-батыш тарапка 10—12 *км/с* ылдамдыкта жүрүп, Инди-Кытай ж-а Кореянын жээктерине жеткенде багытын түн. же түн.-чыгыш тарапка өзгөртөт да, ылдамд. 30—35 *км/с* (айрым учурда 100 *км/с*тан ашык) жогорулап, айрым Т-дар Япония, Камчаткага жетет. Т. жылына 30дай жолу, анын 70% июль—октябрда болот. Т-дун диаметри бир нече жүз *км*, борборунда абанын басымы өтө төмөн (90 *кн/м*²ден аз же 900 *мбар*). Т. деңизде күчтүү толкунду пайда кылып, мол жаан-чачын (1000 *мм*ге чейин) алып келет. Чыгыш Азиянын жээкче жакын райондорун кыйроого учуратат.

Ад.: Мамедов Э. С., Павлов Н. И., Тайфуны, Л., 1974.

ТАЙЮАНЬ—Кытайдагы шаар. Шаньси провинциясынын админ. борбору. Фыньхэ д-нын (Хуанхэнин куймасы) жээгинде. Калкы 1,35 млн (1970). Жол тоому. Өлкөнүн маанилүү индустр. очогу. Кара металлургия ж-а оор машина куруу (тоо-кен жабдууларын, станок, электр машиналарын куруу, локомотив ж-а вагон ремонттоо), химия, текстиль, булгаары ж-а тамак-аш ө. ж-лары бар. Шаардын чет-жакасынан көмүр казып алынат. Шаар Цзиньин деген ат м-н б. з. ч. 6-к-дан белгилүү (б. з. ч. 3-к-дан Т. аталат).

ТАК ЖАНА ЖУП ФУНКЦИЯЛАР (математикалык) — так функ-

ция — аныктоо областы нолго карата симметриялуу ж-а $f(-x)=-f(x)$ барабардыгын канааттандыруучу, б. а. аргументтин белгиси өзгөргөндө өзүнүн да белгиси өзгөрмө $f(x)$ функция. Мис., $y=ax$, $y=\sin x$. Жуп функция — аныктоо областы нолго карата симметриялуу болуп, $f(-x)=f(x)$ касиетине ээ болгон $f(x)$ функциясы. Мис., $y=\sqrt{1-x^2}$, $-1\leqslant x\leqslant 1$, $y=\cos x$, $-\infty<x<\infty$. Жуп функциянын графиги Oy огуна, ал эми так функцияныкы координата башталышына симметриялуу.

ТАКЛА-МАКАН — Кытайдын батышындагы кумдуу чөл. Тарим түздүгүнүн борб. бөлүгүн ээлейт. Батыштан чыгышка 1000 *км* созулат. Туурасы 420 *км*, аянты 300 миң *км*². Негизинен аллювий чөкмө тектерден турат. Жери түз, түп. ж-а батышты карай 1200—1300 *м*ден 800—900 *м*ге чейин жапыздайт. Батышында бийикт. 1664 *м* келген (Чоқтаг чокусу) аралча токол тоолор көтөрүлүп жатат. Түш. батышында бархандар, түн.-чыгышында кум жалчалары басымдуу. Дарыялары Куньлундан башталып, Т.-М-га 100—200 *км*ге чейин жиреп барып, кумга сиңип кетет; Хотан д. гана жайында чөлдү кесип, Таримге кошулат.

ТАКСИ (фр. taxi), **таксомотор** — өткөн жолго *таксометрдин* көрсөткүчү б-ча акы төлөнүп, жүргүнчү ж-а жүк ташыгыч автомобиль. Биринчи Т. 1903-ж. Лондондо, 1907-ж. Петербургда пайда болгон. Т. катары жеңил, жүк ташыгыч ж-а жүк-жүргүнчү ташыгыч автомобилдер, о. эле ташылуучу жүктөрдүн өзгөчөлүгүнө ылайыкташтырылган атайын конструкциядагы автомобилдер колдонулат. Белгилүү акы төлөнүп, белгилүү аралыкка гана жүрүп туруучу жеңил автомобиль маршрут Т. деп аталат.

ТАКСОМЕТР (лат. taxo — баасын аныктайм ж-а *...метр*) — машинанын өткөн жолун эсептөөчү ж-а белгилүү тариф б-ча өткөн жолго төлөнө турган акынын суммасын көрсөтүүчү прибор. Т. ийилчээк вал м-н кыймылга келүүчү ролик түрүндөгү мех. эсептегич, вал тиштүү редуктор аркылуу кыймыл өткөргүч кутунун жетеленме валына туташтырылган. Жүргүнчү пайдаланган автомобиль токтоп турганда иштеп турган Т-дин эсептегичи саат механизмине туташтырылат. Т. *км*ге карата жалпы ж-а жолго төлөнмө акыны, жумуш күнүндө төлөнүүчү сумманы да көрсөтөт.

ТАКСОНОМИЯ (гр. táxis — жайгашуу, катар, nómos — закон) — татаал түзүлүштөгү областтарды (орг. дүйнө, география, геология, этнография, тил илиминин ж. б. объектилерин) классификациялоо ж-а системалаштыруу теориясы.

ТАКСОФОН, телефон-автомат — акы төлөп бир жолу сүйлөшүлүүчү *телефон аппараты*. Т. жерг. (шаар ж-а айылдык), шаар аралык ж-а айкалышкан (жерг. ж-а шаар аралык) болуп айырмаланат. Т. атайын кызматтарга (милиция, тез жардам көрсөтүү, өрттөн сактоо) акысыз байланыштырат.

ТАКТ (музыкада) метр биримди. Т. өлчөмү бөлчөк же өзгөчө белги түрүндө $\left(c=\frac{4}{4};\ \mathbb{C}=\frac{2}{2}\right)$ нота сызыгынын башына же муз. өлчөм өзгөргөн жерге коюлуп, Т. чеги тик таякча (Т. сызыгы) м-н белгиленет.

ТАКТА — 1) жук жыюуга ылайыкталып жыгачтан жасалган төрт буттуу текче. Т. боз үйдүн, там үйдүн төр жагына орнотулгандыктан **төр такта** деп да аталган. Көчмөн турмушка (боз үйдөгү жууркан-тошокту таза сактоого) байланыштуу пайда болгон. 2) Камыр жаюуга ылайыкталган жапыз жыгач текче. Бийикт. 15—20 *см*че, узун-туурасы 80×30 *см*ден 100×50 *см*ге чейин болот.

ТАКТАКИШВИЛИ Отар Васильевич (27. 7. 1924-ж. т., Тбилиси) — сов. композитор, коомдук иштөөр, СССР эл арт. (1974). 1951-жылдан КПСС мүчөсү. Грузия КП БКнын мүчөсү (1963). ГССР мад-т министри (1965-жылдан). 1947-ж. Тбилиси консерваториясын бүткөн. 1947-жылдан консерваторияда окутуучу (1966-ж. проф., 1962—65-ж. ректор). 1947—52-ж. ГССР мамл. хор капелласына концертмейстер ж-а дирижёр. 1952—56-ж. көркөм жетекчи. СССР комп. союзунун секретары (1957). Т. ири муз. сахналык, вокалдык, симф. чыгармаларды жараткан. Ал «Миндия» (1961), «Айдын үрдалышы» (1974) операларын, «Сыйлык» телеопераасын (1963), 2 симфония (1949, 1953), «Мцыри» симф. поэмасын (1956), «Руставели жолу менен» (1964), «Николоз Бараташвили» (1970) ораторияларын, хорлор, романстар, драмалык спектаклдерге ж-а фильмдерге музыка жазган. СССР мамл. сыйл. (1951, 1952, 1967) лауреаты. СССР Жог. Советине (4—5-шайл.) депутат. Ленинди сыйл. б-ча комитеттин мүчөсү (1963). Ленин ордени, Октябрь Революциясы, Эмгек Кызыл Туу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Полякова Л., Отар Тактакишвили. М., 1956.

ТАКТАЛЫК КЫРКА ТООСУ — Фергана тоо тизмегинин түн.-батыш бөлүгү. Кок-Ирим тоосунун батышынан Токтогул суу сактагычына чейин созулат. Түштүгүнөн Кара-Суу, түндүгүнөн Нарын өрөөнү м-н чектешет. Уз. 47 *км*, орт. бийикт. 2000—3000 *м*, эң бийик жери 3807 *м*. Батышка карай Каргыш ашуусуна чейин 1961 *м*ге төрөлөт. Кембрийге чейинки мезгилдин ж-а палеозойдун сланец аки таш, терриген ж-а интрузия тоо тектеринен турат. Мөңгү жок. Түш. капталы тик, түндүгү бир аз жантайыңкы. Кара-Суу көлүнүн деңгээлинен тоонун кырына чейинки бийикт. 1500 *м*. Неотектоникалык тибн б-ча *горст-антиклиналь*. Түн. ж-а түш. капталдарынан майда өзөндөр агат. Түш. капталын талаа ж-а шалбаалуу талаа (1500—2500 *м*), субалын шалбаасы (2500—3000 *м*); түн.-чыгыш, түн. капталын кургак талаа (1000—1500 *м*), шалбаалуу талаа (1500—2500 *м*) ж-а субалын шалбаасы (2300—3000 *м*) ээлейт. Бийик бөлүгү аска, шагылдуу.

ТАКТАШ Хади [чын аты-жөнү — Хади Хайруллович Такташев; 19. 12. 1900 (1. 1. 1901), Сыкыды кыш., азыркы Мордва АССРи, Торбеев р-ну — 8. 12. 1931, Казан] — татар совет жазуучусу. Чыг-лары 1918-жылдан жарыялана баштаган. Ыр м-н жазылган «Жердин балдары» (1921) трагедиясында феод., бурж. коомду сынга алган. 1923—24-ж. Т. абстрактуу-романтикалык багыттан реалисттик гражд. поэзияга өткөн. «Кылым жана минута» (1924) поэмасында Ленинди өлүмү, эл кайгысы ж-до баян кылат. «Сыркыды кыштагы». «Бороондон кийин» (экөө тең — 1924) поэмаларында жаштарды тарбиялоо маселесин курч койгон. «Келечекке кат» (1930—31) поэмасында коммунизм курууучунун образын түзгөн. «Камил» (1930) поэмасы коллективдештирүү туурасында. Т. татар силлабикалык поэзиясынын мүмкүнчүлүктөрүн кеңитип, аны интернационалык ыр м-н байыткан. Чыг-лары СССР элдеринин көп тилине которулган.

Чыг.: в рус. пер. — Стихи. М., 1948; Стихотворения и поэмы. М., 1955.

Ад.: История татарской советской литературы, М., 1965; Халит Г., Шагыйрь. Чоп. Герой, Казань, 1971.

«ТАК ТЕКЕ» — комузчулар, өзгөчө темир комузчулардын чыг-лыгында кеңири тараган (театрлаштырылган көрүнүштү камтыган) элдик күү. Жыгачтан кооздоп жасалып, тактайга бекитилген кайберендер (2 же 4 өчкү м-н теке) коштоого алынып чертилет. Бир учу текеге байланган жиптин экинчи учу комузчунун оң колунун ортонуна, темир комузда соомойуно илинет да, аспапты черткенде же какканда кол ыймылына ж-а күү ыргагына жараша текелер секирип, оюн салат. «Т. т.» күүсү негизинен бий мүнөзүндө болуп, кыска кайрыктар м-н чертилет.

ТАКТИКА аскердик (гр. taktika — аскерлерди катарга тизүү өнөрү, tásso — аскерлерди катарга тизем) — согушту даярдоонун ж-а жүргүзүүнүн теориясы м-н практикасы, согуш ж-дөгү илим (окуу). Т. — *соғуш өнөрүнүн* составдык бөлүгү. Т-ның жалпы практикалык милдети: кармашта ар түрдүү кырдаалда күч м-н каражаттарды мүмкүн болушунча туура пайдаланууну камсыз кылуу. Т. кармашуу ж-а аскерлерди (кемелерди) башкаруу закон ченемин. өзүнүн ж-а душмандын куралдуу күчтөрүнүн күрөшүү каражаттарынын өзгөчөлүгү м-н мүмкүнчүлүгүн иликтейт; өз аскерлерин согушта

колдонуу, о. эле аларды материалдык, тех. ж-а мед. жактан камсыз кылуу милдеттери м-н ыктарын аныктайт. Т-ның өнүгүшү өндүрүштүн деңгээлине, согуш техникасынын алабалына, аскерлердин духуна, даярдыгына, стратегияга жараша болот. Жалпы Т. аскерлердин бир нече түрү м-н атайын аскерлер катышуучу кармашты даярдоо ж-а жүргүзүү маселелерин камтыйт; куралдуу күчтөрдүн ар биринин өзүнүн жалпы Т-сы болот; булардан тышкары аскерлердин ар бир түрүнүн, атайын аскерлердин, флот ж-а авиация күчтөрүнүн, түзлөрүнүн да өз Т-сы бар.

Ад.: Энгельс Ф., Избранные военные произведения, М., 1958; Ленин В. И., О войне, армии и военной науке, Сб., М., 1965; Тактика, М., 1966; Савкин В. Е., Основные принципы оперативного искусства и тактики, М., 1972.

ТАКТООЧ — кыймыл-аракеттин түрдүү кырдаалын көрсөтүп, морфол. жактан дээрлик өзгөрбөгөн, көбүнчө этиш м-н айкалышып, сүйлөмдө бышыктоочтук милдет аткарган сөз түркүмү. Дүйнөдөгү тилдердин көбүндө бар. Кыргыз тилинде Т-тор морфол. түзүлүшү жагынан тубаса (мис., ылдам, бат, кийин, ары) ж-а туунду (мис., адамча, ылдамдай, өзүнчө) түрүндө болот. Лексика-граммат. мааниси карай эки чоң топко бөлүнөт: бышыктагыч Т. ж-а аныктагыч Т. **Бышыктагыч** Т. өз ара мезгил бышыктагыч Т. (мис., азыр, анан, эрте, башта), орун бышыктагыч Т. (мис., жогору, төмөн, ары, артка), себеп ж-а максат бышыктагыч Т. деп бир нече топко ажырайт. Ал эми **аныктагыч** Т. сын-сыпат аныктагыч Т. (мис., акырын, тез, бирге, көзүнчө) ж-а сан-өлчөм аныктагыч Т. (мис., барынча, саал, ошончолук, бир-бирден) деген топтон турат. Т. морфол. ж-а синтаксистик жол м-н жасалат. Т-тук маани туюнтчу фраеологиялык биримдер да бар (мис., көз ачып-жумгуча, согончого жерге тийбей, ташка тамга баскандай).

Ад.: Кыргыз тилинин грамматикасы (морфология), Фр., 1964; Давлетов С., Тактооч, «Мугалимдерге жардам», 1957, № 6, 34—42-б.

ТАКТЫ, так — падыша, хан, король ж-а монархтын салтанат убагында отурар орду, жеке бийлик белгиси.

ТАКТЫК (техникада) — процесстин, заттын, персенин параметрлеринин чыныгы маанисине анын теориялык номинал маанисине жакындатуу даражасы. 1) **Иштетүүнүн Т-ы** — персенин иштетилген бетинин, анын формасынын, өлчөмүнүн ж-а абалынын чиймеңин талабына ж-а тех. шартка дал келиши. 2) **Механизмдин Т-ы** — механизмдин звенолорунун ортосундагы көз карандылыкты ал механизмди долбоорлоп жаткандагы эсептелген көз карандылыкка жакындатуу даражасы. Көз карандылык геом., аналитикалык, логикалык болушу мүмкүн. Көз бир приборлор м-н матем. машиналардын механизмдери үчүн көз карандылык кандайдыр теңдемелер системасы түрүндө берилет. 3) **Автоматтык башкаруу системасынын Т-ы** — автоматтык башкаруу системасынын чыныгы чыгыш сигналын талап кылынган сигналга жакындатуу. Чыныгы сигнал м-н талап кылынган сигналдын ортосундагы айырма системанын катасы деп аталат. 4) **ЭЭМдин Т-ы** эсептөөнүн жыйынтыгынын максимум катасы м-н мүнөздөлөт. Эсептөөнүн каталыгы абс. катага, эсептөөнүн кабыл алынган методуна, арифм. операциянын аткарылуу жолуна көз каранды. 5) **Өлчөөнүн Т-ы** — өлчөөнүн жыйынтыгын өлчөнүүчү чоңдуктун чыныгы маанисине жакындыгы м-н мүнөздөлүүчү өлчөө сапаты.

ТАКТЫК КЛАССТАРЫ — 1) **өлчөө каражаттарында** — өлчөгүч (чөнегич) каражаттар үчүн мамл. стандарт аныктаган негизги ж-а көшүмча каталардын, о. эле тактыкка таасирин тийгизүүчү параметрлердин чегин көрсөтүүчү жалпы мүнөздөмө. Т. к. өлчөө каражаттарын стандартташтыруу ж-а аларды керек болгон тактыкта өлчөөгө ылайыкташтыруу жеңилдетет. Т. к-нын белгилениши бардык эле чоңдук үчүн бирдей эмес. Эгер катанын чектери **келтирилген** (чөнөөнүн жог. чегине, диапазонуна ж-а прибордун шкаласынын узундугуна карата процент м-н) ж-а **салыштырма** (чоңдуктун аныктамасына карата процент м-н) ката түрүндө болсо, анда Т. к. сан м-н (0,1; 0,2; 0,5; 1,0; 1,5; 2,5; 4,0) белгиленет. Мис., 0,1 санына 0,1% ката дал келет. Тараза таштары, узундук чени ж-а каталык чени өлчөнүүчү чоңдуктун бирдиктери м-н туюнтула турган приборлор үчүн Т. к. номер (1-, 2- ж. б.) м-н белгиленет, мында 1-класс — эң так класс.

2) **машина курууда** — стандарт белгилеген өлчөм чеги м-н аныкталуучу буюмдун (тетик, машина, прибор ж. б.) жасалыш тактыгынын мүнөздөмөсү. Т. к. бул учурда тетиктин же буюмдун геом. параметрлери, мис., *металл кесүүчү станоктун* ж. б. тех. мүнөздөмөсү б-ча берилет. Т. к. аныкталуучу өлчөм чегинин бирдиги (*i*) номиналдуу өлчөмгө жараша аныкталат, мис., 1—500 *мм* өлчөмдөгү жылмакай цилиндр бириктемелери үчүн $i=0{,}5\sqrt[3]{d}$ (жалпы союздук ГОСТ системасында), $i=0{,}45\sqrt[3]{d}+0{,}001d$ (эл аралык ИСО системасында). Мында d — тетиктин орт. номиналдык өлчөмү. Ар бир тактык чеги системасында бир нече Т. к. болот. Алар катар номер м-н белгиленет. Тактык чеги көбөйгөндө Т. к. өсөт, мис., ГОСТ системасында жылмакай цилиндр бириктемелери үчүн 1, 2, 2*a*, 3, 3*a*, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10 Т. к. бар. ИСО системасында 18 негизги Т. к. болот да, ал номер (0, 1, 0, 1, 2, ..., 16) м-н белгиленет. Т. к. буюмдарды технол., экон. жактан мүнөздөйт. Буюм жасоодо керектелүүчү аспапты, материалды тандоодо Т. к. өтө маанилүү.

Ад.: ГОСТ 13600—68. Государственная система обеспечения единства измерений. Средства измерений. Классы точности. Общие требования.

ТАКЫР — чөлдөгү чополуу, илээшкек баткактуу тегиздик. Нөшөрдө, кар эригенде жуулуп келип эңиш жерлерге чөккөн топурактын кургашынан пайда болот. Ылай кургаганда өтө жарылып кетет. Өсүмдүктөрү жокко эсе. Т. көбүнчө дарыялардын дельталарында, кумдуу чөлдөгү жалчалардын ортосунда жайгашкан өөң жерлерде, тоо этегиндеги түздүктөрдүн төмөнкү бөлүктөрүндө кездешет.

ТАКЫЯ, к. *Тоңу*.

ТАЛ (Salix) — талдар тукумундагы жыгач өсүмдүгү. Дарак же бадал. Гүлү бир жыныстуу, эки үйлүү. Топ гүлү сөйкөчө. Чымын-чиркей аркылуу чаңдашат. Майда уруктары өнүмдүүлүгүн тез жоготот. Калемче, сабактары аркылуу көбөйөт. Т-дын дүйнөдө 300гө жакын, СССРде 120 (Кырг-нда 18) түрү өсөт. Кеңири белгилүүлөрү — эчки Т., кара Т., турпан Т., сары Т. ж. б. Кыргыз ССР ИАның ботан. багында Т-дын 65 түрү климатка байырлаштыруу максатында сыналып өстүрүлүүдө. Т. көбүнчө нымдуу өзөндөрдү, арыктарды бойлоп конуштарга жакын өсүп, илгертен бери тиричиликте кеңири колдонулууда. Андан боз үйдүн уук-кереги, идиш-аяк (табак, чөйчөк, кашык) ж. б. буюмдар жасалган. Кабыгы жүн, тери боёодо колдонулат. Азыркы кезде багбанчылыктын өнүгүшүнө байланыштуу Т-дын чырыктарынан жеңил жыйноодо керектелүүчү себет (чабыралар) согулат. Т-дын ар кандай түрү жашылдандырууда колдонулат.

ТАЛАА (алгебрада) — элементтердин ар кандай жыйындысы (же көптүгү). Алар м-н арифметиканын адаттагы төмөнкү закондоруна баш ийген эки — кошуу ж-а көбөйтүү амалдарын жүргүзүүгө болот. 1. Кошуу ж-а көбөйтүү коммутативдүү ж-а ассоциативдүү болот, б. а. $a+b=b+a$, $ab=ba$, $a+(b+c)=(a+b)+c$, $a(bc)=(ab)c$. 2. Ар дайым $a+0=a$ болгон 0 (нөл) элементи болот; ар бир a элементи үчүн карама-каршы a болот да, алардын суммасы нолго барабар. Мындан Т-да $a-b$ кемитүү амалы аткарылат деген тыянак чыгат. 3. e (бирдик) элементи болуп, ал үчүн ар дайым $ae=a$; нолдөн айырмаланган ар кандай a элементи үчүн тескери a^{-1} элементи болот; алардын көбөйтүндүсү бирге барабар. Мындан нолго барабар болгон ар кандай a санына болүүгө болот деген корутунду чыгат. 4. Кошуу ж-а көбөйтүү амалдарының ортосундагы байланыш дистрибуциялуулук закон $a(b+c)=ab+ac$ м-н берилет. Эгерде нолдөн айырмаланган n ж-а a үчүн $na\neq 0$ болсо, анда Т. мүнөздөмөсү нолго барабар деп эсептелет. Эгерде

G талаасынын F элементтер бөлүгү ошол эле кошуу ж-а көбөйтүү амалдарына карата өзү Т-ны түзсө, анда FQ талаанын талаачасы, ал эми G болсо, F талаасынын кеңейиши деп аталат.

Ад.: Курош А. Г., Курс высшей алгебры, 10 изд., М., 1971; Чеботарев Н. Г., Теория алгебраических фушкций, М.—Л., 1948.

ТАЛАА ЗОНАЛАРЫ — талаа ландшафты басымдуулук кылган табигый зоналар. Субтропик ж-а мелүүн алкактарда жайгашкан. Субтропик алкактарындагы Т. з. Түн. ж-а Түш. Америкада, Австралияда, СССРде (Кура-Аракс ойдуңунун тоо этек жак бөлүгүндө) таралган. Климаты кургак, жайы ысык (эң жылуу айынын орт. темп-расы 20—25°С), кышы жылуу (эң суук айынын орт. темп-расы 5—12°С). Жылдык жаанчачыны 500—600 *мм*. Дарыяларынын суусу аз. Топурагы темир ж-а алюминий кычкылдарынын көп болушунан күрөң же кызыл түстүү. Дан өсүмдүктөрү ж-а бадалдар басымдуу. Дарыя өрөөндөрүндө токой кездешет. Кемирүүчүлөр, туякчуулар ж-а сойлоп жүрүүчүлөр мекендейт. Мелүүн алкактарындагы Т. з. Евразияда, Түн. ж-а Түш. Америкада таралган. Климаты кургак континенттик. Июлдун орт. темп-расы 20—24°С, январдыкы 0°Сден—30°Сге чейин. Жылдык жаан-чачыны 200—450 *мм*. Кара ж-а каштан топурактуу. Зонанын көп бөлүгү айдалат; табигый өсүмдүктөрдөн ак кылкан, бетеге, көңүр баш, жылгын, жылан чөп (Забайкалье м-н Борб. Азияда), грам ж-а бизон чөптөрү (Түн. Америкада), айрым жерлерде бадалдар (талаа чиеси ж. б.), дарыя жайылмаларында токой кездешет. Айбанаттары: чартамак, жейрен, даурия сууру, карышкыр, түлкү, кош аяк, майда аламандар, даурия кирписи, чөл момолою, арыс чычкан, бизон, айры мүйүз жейрен ж. б.

Ад.: Докучаев В. В., Наши степи прежде и теперь, СПБ, 1892; Алехин В. В., Растительность СССР в её основных зонах, в кн.: Вальтер Г., Алехин В., Основы ботанической географии, М.—Л., 1936; Лавренко Е. М., Степи и сельскохозяйственные земли на месте степей, в кн.: Растительный покров СССР, М.—Л., 1956.

ТАЛАА КОРГОО ТОКОЮН ӨСТҮРҮҮ — которуштуруп эгүү талаасынын чегине токой тигүү. Коргоочу токой өстүрүү системасына кирип, *агро токой мелиорациясынын* негизин түзөт. Токой топурагы эрозиядан сактап, суу, темп-ра ж-а азыктандыруу режимин жакшыртат. Шамалдын ылдамдыгын басаңдатып, талаага карды көбүрөөк топтоп, топурактын күрдүүлүгүн арттырат. Кургакчыл жердин климат ж-а гидрол. шартын жакшыртып, антапты азайтат, а. ч. өсүмдүгүнүн түшүмүн көбөйтөт. Т. к. т. о-нүн ил. негиздерин 19-к-дын аягында В. В. *Докучаев,* Г. Н. Высоцкий иштеп чыккан. Токой тилкеси Россияның Европа бөлүгүнө тигиле баштаган. Совет мамлекети Т. к. т. о. ырылдыгын көп документте, өзгөчө 1921-ж. 29-апрелде В. И. Ленин кол койгон «Кургакчылыкка каршы күрөш жөнүндөгү» токтомунда баса белгилеген. Кийинки жылдары коргоо токойлору РСФСРдин, Украинанын, Молдавиянын, Каз-ндын, О. Азия реси-каларынын кургакчыл жерлеринде кеңири өстүрүлө баштаган. Коргоочу токой тилкеси шамал багытын тосо тигилет. Тилкенин жазылгы 10—60 *м*ге чейин жетет. Токой тилкеси токой зоналарында 500—600 *м* ж-а эрозиялуу, шамалдуу жерлерде 400—500 *м* аралыкта бир нече катарлап түз отургузулат. Тилкеге тез өсүүчү, бутактуу, узун сөңгөктүү дарактар — эмен, кайың, кызыл карагай, алтыгана, кара жыгач, терек ж. б. өстүрүлөт. Ай талаага караганда мындай токойлуу жерде аба нымд. 5—10% көбөйүп, шамалдын ылдамд. 40—50% басаңдайт. Т. к. т. о. Югосл-я, Польша, Румыния, Венгрия, Болгария ж. б. соц. өлкөлөрдө, АКШ, Канада, Италия, Франция өлкөлөрүндө да өнүккөн.

Ад.: Никитин П. Д., Выращивание полезащитных лесных полос, М., 1972.

ТАЛААНЫН БИРИМДИК ТЕОРИЯСЫ — бардык элементардык бөлүкчөлөрдүн жалпы касиеттерин түшүндүрүүгө тийиш болгон универсал физ. теория. Анын милдети — табияты бир «алгачкы материянын» ар кандай абалдары аркылуу бөлүкчөлөрдүн бардык касиеттерин, кыймыл закону-ун, оз ара өтүшүн жалпы бир теория м-н түшүндүрүү.

Табияттагы элементардык бөлүкчөлөр негизинен үч күч м-н (электромагниттик, гравитациялык, ядролук) оз ара аракеттенишет. Аракет күчтөрү биринен экинчисине физ. талаа аркылуу берилет. Көп учурда айрым бөлүкчөлөр бир эле учурда үч оз ара аракетке катышышы мүмкүн. Мис., протон массага ээ болгондуктан—гравитациялык, ал эми электр зарядына ээ болгондуктан электр-магниттик оз ара аракеттенишке катышат. Протон атом ядросун түзүүчү бөлүкчө болгондуктан ядролук оз ара аракет күчүнө ээ. Протон жог. аталган күчтөр талаасының булагы, б. а. бир эле мезгилде протондун айланасында электр-магнит, гравитация ж-а ядролук талаалар пайда болуп, калган көпчүлүк бөлүкчө да ошол эле учурда ушул үч талаанын булагы болло алат. Бөлүкчөлөрдүн оз ара бири бирине айланышы, бөлүкчөнүн талаага, талаанын бөлүкчөгө айланышы талаа м-н бөлүкчөлөрдүн табиятынын биримдигин, б. а. бир экенин билдирет. Талаанын булагы болгон бөлүкчөлөрдүн табияты бирдей болсо, анда талаалардын да табияты бирдей болуш керек, б. а. электр заряды м-н массанын ортосунда байланыш болууга тийиш. Мындай байланыш азырынча илимде аныктала элек. Ал эми айрым илимпоздордун пикири б-ча табиятта жалпы бир гана талаа болуп, бөлүкчөлөр ошол талаанын ар кандай кванттык абалы болуп эсептелүүгө тийиш. Мындай теория азырынча түзүлө элек. Изилдөөлөр улантылууда. Кийинки кезде талаалардын табияттары м-н ааламдын теориясындагы байланыштар изилденүүдө.

ТАЛААНЫН КВАНТ ТЕОРИЯСЫ — элементардык бөлүкчөлөрдүн оз ара аракеттенишинин ж-а алардын бир бөлүкчөдөн экинчи бөлүкчөгө айланышынын релятивдик квант теориясы. Т. к. т. нукура «классикалык» эмес объектилерди, мис., элементардык бөлүкчөлөрдүн оз ара аракеттенишинин негизинде бир бөлүкчөдөн башка бир бөлүкчөгө айланышын кароодон, кадимки эле квант механикасын жалпылоодон келип чыккан. Азыр бул теория жалаң гана квант бөлүкчөлөрүнүн келип чыгыш, алардын жутулуш ж-а бири бирине айланыш теориясынан башка катуу перселер, атом ядросу сыяктуу физ. областтарда да кеңири колдонууда. Ошонун негизинде Т. к. т. квант системаларын изилдөөдө азыркы мезгилдин бирден бир теориялык методу болуп калды.

20-к-дын башында материянын бөлүкчө ж-а талаа түрүндөгү классикалык физикадагы айрым эки формасынын ордуна аларды бириктирген материянын корпускула-толкун түрүндөгү кош касиети ж-дө пикир пайда болду. Бул гипотеза б-ча (М. Планк, 1900) ысытылган перселер энергияны (электр-магниттик нурлануу) квант, б. а. порция түрүндө чыгаруусу айтылган. Кийинчерээк бул пикир А. *Эйнштейн* тарабынан фотоэффект закондорун түшүндүрүү үчүн пайдаланылып (1905), жарыктын квант теориясы (Луи де Бройль, 1923) ачылган. Бул теорияда элементардык бөлүкчөлөр, о. эле ар кандай формадагы материялар корпускулалык ж-а толкундук касиетке да ээ болушу айтылган. Корпускула-толкундук кош касиет материянын бардык формаларына жайылтылып, ошонун негизинде квант механикасы деп аталган (Э. *Шрёдингер,* 1926; В. *Гейзенберг,* 1925) «квант бөлүкчөлөрүнүн» механикасы түзүлгөн.

Квант механикасынын пайда болушу—физика илиминдеги эң чоң жетишкендик. Бирок да электр-магниттик нурлануунун, ушул нурлануунун кванты болгон — фотондун келип чыгышын ж-а алардын жутулушун изилдеп түшүндүрүү квант механикасынын милдетине кирбейт. Анткени квант механикасы жалаң гана бөлүкчөлөрдүн саны өзгөрбөгөн системаларын карап, аларды жазып ж-а баяндап түшүндүрөт. Ал эми бөлүкчөлөрдүн саны өзгөрүп турган процесстерди (мис., фотондордун жарылышы ж-а жутулушунун негизинде фотондордун саны системада дайыма өзгөрүшүн) изилдеп түшүндүрүш үчүн квант теориясын дагы өркүндөтүү зарыл эле. Бул аракет Т. к. т-ның түзүлүшүнө алып келген. Учурунда квант механикасының 1-белгилүү процесси — электр-магниттик нурланыш ж-а жутулуш (фотон) болгон. Алардын саны бул процесстин негизинде такай өзгөрүп турган. Бул процесстн түшүндүрүүгө квант механикасы алсыз болгон. Ошондуктан жаңы түзүлгөн 1- Т. к. т.— кванттык электр-динамика, б. а. электр-магниттик талаанын квант теориясы — электрондор м-н фотондордун оз ара аракеттенишинин теориясы түзүлгөн. Бул теория б-ча фотондор гана пайда болуп, жоголбостон бөлүкчөлөрдүн оз ара аракеттениш процессинде да жаңы башка бөлүкчөлөр жаралат ж-а жок болот. Мис., протон м-н нейтрондор кагылышканда пи-мезон пайда болуп, ал мюон м-н нейтриного ажырайт ж. б. у. с. Ошондуктан кванттык электр-динамиканын методдору ж-а идеялары кийинчерээк электр-магниттик эмес мүнөздөгү процесстерди изилдөөдө кеңири пайдаланылган. Мис., 1934-ж. Э. Ферми β-ажыроонун теориясын түзүп, ал б-ча ядролордун радиоактивдүү ажыроосунда электрон м-н позитрондун чыгышы куду эле электр-магниттик талаанын нурланышындай экенин көрсөткөн. Бул ажыроо оз ара начар аракеттеништин натыйжасында жүргөн. Сов. физик И. Е. *Тамм* (1934), так эсептөөнүн негизинде япон физиги Х. Юкава (1935) нуклондор (протондор ж-а нейтрондор) бири бири м-н үчүнчү бөлүкчөнүн — мезондордун жардамы м-н аракеттенишин (нуклондор м-н мезондордун оз ара аракеттенишин күчтүү же ядролук аракеттенишн), пи-мезондун пайда болуу гипотезасын айткан. Мезондордун келип чыгышы ж-а алардын жутулушу ядролук күчтөрдүн табиятын түшүнүүгө чоң көмөкчү болуп, бөлүкчөлөрдүн жаралышы ж-а жутулушу ж-дөгү талаанын жалпы теориясын андан ары өркүндөттү. Мына ушулардан Т. к. т-ның бир топ татаал экендигин ж-а бул теориянын алигө чейин да толук түзүлүп бүтө электиги көрүнүп турат.

Ад.: Боголюбов Н. Н., Ширков Д. В., Введение в теорию квантовых полей, М., 1957; Ахиезер А. И., Берестецкий В. Б., Квантовая электродинамика, 3 изд., М., 1969; Григорьев В. И., Квантовая теория поля, М., 1977.

ТАЛАА ӨСҮМДҮКТҮҮЛҮГҮ (боздоң) — кургакчылыкка ж-а суукка чыдамдуу көп жылдык чөп өсүмдүктүүлүгүнүн тиби. Т. ө. Түн. жарым шардын көп бөлүгүн ээлейт. Акыркы жылдарда талаа жери айдоо аянтына айланган (мис., Европада коруктардан башка). СССРде Каз-ндын түндүгү, Забайкальенин түштүгү, Минуса ж-а Тува өрөөнү, Сибирдин түн.-чыгышын, Закавказье, Алдыңкы, Борб. ж-а О. Азия тоолорунун көп бөлүгүн Т. ө. ээлейт. Европа ж-а Азиянын талаасында дан өсүмдүктөрүнөн ак кылкан, көңүр баш, тоо сулусу, жылгын, ырач ж. б. бир ж-а эки үлүштүү өсүмдүктөр, бадал сымалдар өсөт. Т. ө. жаанчыл мезгилге ж-а кургакчылыкка байланыштуу өзгөрүлүп турат. Т. ө. Евразиянын көп бөлүгүн ээлеп, негизинен 3 типке: кадимки Т. ө. (дан ж-а ар кандай чөп өсүмдүктөрү), шалоолуу Т. ө. (ар кандай чөп өсүмдүктөрү ж-а мамык чөп) ж-а чөлдүү Т. ө. (дан өсүмдүктөрү ж-а ксерофиттер) болуп бөлүнөт, к. *Талаа зоналары.*

ТАЛАА ТАЖРЫЙБАСЫ — шартка ж-а өстүрүү технологиясына карата а. ч. өсүмдүгүнүн түшүмдүүлүгүн, сапатын ж. б. касиетин аныктоо максатында талаа шартында тажрыйба коюу; агрономиялык изилдөөнүн түрү. Т. т. вариантынын саны, кайталанышы, аянтын, тилкенин түрүн ж-а формасын, участкага жайгашуусун, түшүм эсептөө ыгын белгилеген атайын методикага негизделет. Т. т-ның тыянагы — а. ч. өндүрүшүнө жаңы агротех. ыкмаларды, сортторду киргизүүнүн негизи. Т. т. кадимки а. ч. өндүрүшүнүн шартында жүргүзүлүү керек. Так тыянак алуу үчүн Т. т. кеминде 4 жолу кайталанат. Тажрыйба коюлчу жердин рельефи ж-а топурагы, которуштуруп эгүү, жер семирткич чачуу бардык тилкеде бирдей болуусу зарыл. Участканын көлөмү тилкенин чоңдугуна, варианттын санына, кайталанышына жараша болот. Тилке көбүнчө чарчы же түз бурчтуу болуп, 50—200 $м^2$ди (кээде 300 $м^2$) ээлейт. Тилкелер бири бирине улана жайгаштырылып, жээктерине жолчолор салынат да, тажрыйба бөлөк-бөлөк жыйноого ыңгайланат. Анда өсүмдүктүн өсүү динамикасы, топурак абалы, аба шарты байкалып турат. Тилкедеги түшүм жалпы эсептөө жолу м-н аныкталат.

Ад.: Доспехов Б. А., Методика полевого опыта, 3 изд., М., 1973.

ТАЛАА ТАРЫХЫНЫН КИТЕБИ — колхоз-совхоздо айдоо аянтын которуштуруп эгүү тартиби, өрөтү, өсүмдүк ж-а топурак түрлөрү, кычкылдуулугу, сапаты, кийинки 3—5 жылдагы агротехника, мелиорация ыкмалары, илдетке, зыянкечке, отоо чөптөрү, илдетке, зыянкечке, отоо чөптөрү, ылдетке, зыянкечке, отоо чөптөрү, ылдетке, зыянкечке, отоо чөптөрү, ыл



В. В. Талалихин.

темасынын ($NaAlSi_3O_8$ — $KAlSi_3O_8$ — $CaAl_2Si_2O_8$) компоненттеринин оз ара катнашына карай аныкталат (б. а. Na, K, Ca, чанда Ba алюмосиликаты б-ча). Составында кошумча претинде Ba, Sr, Pb, Fe, L, Rb, Cs, Eu ж. б. болот. Структурасынын негизин ($Al, Si)O_4$түн тетраэдр тобунан турган үч өлчөмдүү каркас түзөт. Составы б-ча аки таш-натрийлүү плагиоклаздар) ж-а калий-натрийлүү алюмосиликаты же жегичтүү (ортоклаз, микроклин), аз санда калий-барийлүү (цельзиан, гиалофан) Т. ш. болуп ажыратылат. Составынын таталл катнашынан келип чыккан көп түр болгондуктан так составы ж-а структурасы Фёдоров столчосунда, о. эле рентгенография методдорунун жардамы м-н аныкталат. Т. ш. түссүз, бирок кошумча аралашмалардын таасиринен оңу көбүнчө боз, кызгылт, кызыл, жашыл, каралжын. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 6—6,5; салыштт. салм. 2,5—2,8. Т. ш. тоо тектердин классификацияланышынын негизин түзөт. Карапа, айнек, фарфор-фаянс ө. ж-нда, курулушта каптама материал катары (лабродорит), айрым түрлөрү (амазонит, олигоклаз) кооздук таш катары колдонулат.

ТАЛАА ШЫПАНЫ—колхоз-совхоздун калктуу пунктан обочо жерде иштеген өндүрүштүк бригаданы тейлөөчү көмөкчү борбору. Т. ш. иш участкасына жумушчу күчүн, өндүрүш каражаттарын жакындатып, эмгекти туура уюштурууга ж-а анын өндүрүмдүүлүгүн арттыруга, о. эле талаа жумушундагы колхозчуларды ж-а совхоз жумушчуларын маданий-тиричилик жактан тейлөөгө мүмкүндүк берет. Шыпанда жатакана, ашкана, балдар бакчасы; тех. каражаттар оңдолуучу жай, мал сарай ж. б. болот.

ТАЛАК (ар. талик—ажырашуу)—шарият б-ча эрди-катындын ажырашуусу; мусулмандарда нике бузуунун бир түрү. Эгер күйөөсү аялына «талак» десе же ага маанилеш соз (шарият б-ча ажырашуу үчүн Т. мааниде создөрдү айтуу белгиленген: «Сен ажырадың!», «Чылбырың оз мойнуңа салынды!», «Чыгып кет!», «Жолдош надо!» ж. б. у. с.) айтса, никс бузулду деп эсептелген. Ал эми эри м-н аялдын ортосунда идда мезгилинде (мусулманча тазалануу айынын үч мезгилинде) жубайлык мамилелер болбосо, ажырашуу биротоло аяктайт имиш. Мындан башка мусулмандар арасында шарият б-ча ажырашуунун «зихар» ж-а «айман» деген да түрлөрү тараган. Окт. соц. рев-ясына чейин О. Азия элдеринде, ошонун ичинде кыргыздарда никс бузууда «үч талак» («талакты» үч жолу кайталоо) кечири тараган. Азыр жубайлар сов. закондун негизинде ажырашат.

Ад.: Хидаят Я., Комментарии мусульманского права, т. 1, кн. 2, Таш., 1893; Петраш Б. Т., Врачно-разводные нормы шариата как отражения неравноправия женщины, в сб.: Религия, свободомыслие, атеизм, Фр., 1967.

ТАЛАЛИХИН Виктор Васильевич (18. 9. 1918, Саратов обл., Вольский р-ну, Тепловка кыш.— 27. 10. 1941, Подольск жанында) — сов. учкуч, кенже лейтенант (1938), Сов. Союз. Баатыры (1941). Жумушчунун уулу. Учкучтардын Борисоглебск аскер авиация мектебин бүткөн (1938). Советфиндиядия согушуна (1939—40) катышкан. Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) 177-истребителдик авиаполктун авиаэскадрильясынын командирине орун басар. 1941-ж. 7-августка караган түнү Москва жанында немец бомбалоочусун оз самолётунун винти м-н таарытып, кийинки салгылаштарда дагы 5 самолётун атып түшүргөн. 1941-ж. октябрда баатырларча курман болгон. 1960-ж. Подольск ш-нда Т-го коло эстелик тургузулган. 1948-ж. авиаполктун 1-эскадрильясына түбөлүккө катталган. Ленин ордени, Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз орденлери м-н сыйланган. Соогу Москвадагы Новодевичье көрүстөнүнө коюлган.

Ад.: Утехин С., Виктор Талалихин, 2 изд., М., 1965.

ТАЛАНТ, к. *Жөндөмдүүлүк.*

ТАЛАП, Жалгыз-Өрүк — Ысык-Кол обл-ныи Жети-Өгуз р-нундагы Покровка айыл советине караштуу кыштак. «Коммунизм» к-зунун аймагында. Райондун борбору Покровкадан 3 *км* түш.-батыш тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 180 *км*. Калкы 800 (1979). Сегиз жылдык мектеп, клуб, медпункт бар. 1930-ж. орношкон.


ТАЛАП ЖАНА СУНУШ — товар өндүрүшүнүн экон. категориялары. Талап (Т.) — өндүрүш ж-а тиричилик үчүн зарыл, акча м-н чектелген коомдук муктаждык. Буюм м-н тиричилик кызматын калк керектешинин негизги бөлүгү төлөөгө мүмкүнчүлүктүү талап түрүндө болот. Сунуш (С.) Т-ка жараша товарды ж-а тейлөө кызматын Т. бар жерге жеткирүүнү камтыйт. С. негизинен өндүрүштүн өнүгүшү м-н шартталып, товар запасынын көлөмү м-н аныкталат. Т. ж. с. диалек. татаал байланышта болот да, өндүрүш м-н керектөөнүн ортосундагы мамилелер аркылуу экон. мамилелердин тышкы көрүнүшүн чагылдырат. Капит. коомдо Т. ж. с. өндүрүштүн коомдук мүнөзүн ж-а эелеп алуунун жеке капит. формасын шарттайт. Булар бааның олку-солкулугу, турумсуздугу аркылуу өндүрүштүн өнүгүшүнө ж-а пропорциясына таасир этет. Т. менен С-ту бири бирине ылайыкташтыруу рынок аркылуу, капиталдын ж-а жумушчу күчүнүн бир тармактан экинчи тармакка өтүп турушу, баа механизми ж. б. м-н теске салынат. Капитализмде Т. ж. с. ортосунда дайыноздүү. Анда ашыра өндүрүү *экономика кризистеринин* себеби болот.

Соц. коомдо өндүрүш каражаттарынын коомдук менчик болушу өндүрүш м-н керектөөнүн, Т. менен С. ортосунда атайын ж-а планга ылайык пропорцияны түзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Эл чарбасын, о. эле Т. менен С-ту пландоо *социализмдин негизги экономикалык закону* ж-а бардык экон. закондор системасы м-н шартталат. Т. менен С-тун дал келиши мамлекеттин экон. салсаты, план ташшырмаларынын директивдүүлүгү, өндүрүлүүчү ж-а рынокко жиберилүүчү товар ассортиментин ж-а көлөмүн, о. эле импорт көлөмүн аныктоо, өндүрүш кубаттуулугун, жумушчу күчүн, сырьёну пландуу пайдалануу, эл чарбасынын келечектүү тармактарына капиталдык салымды көп саритоо, калктын талабын ж-а соода конъюнктурасын иликтөө, ошого жараша товардын жүгүртүлүшүн башкаруу, соода заказынын негизинде товар өндүрүү м-н ишке ашырылат. Демек, Т. ж. с-тун оз ара катыш элементтери коомдун кызыкчылыгына ылайык мамлекет тарабынан жөнө салынат.

Ад.: Маркс К., Капитал, т. 3, Маркс К., Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 25, ч. 1; его же, Нищета философии, там же, т. 4; Ленин В. И., Рыночтор жөнүндө деп аталган маселе тураллу, Чыг., кырг. 1-бас., 1-т.; Гоголь Б. И., Платежеспособный спрос и розничный товарооборот, М., 1968; Коржиневский И. И., Основные закономерности развития спроса в СССР, 2 изд., М., 1971.

ТАЛАС — Кырг-ндын түн.-батышындагы дарыя, *Талас ороонүндө.* Уз. 661 *км*, алабынын аянты 52 700 $км^2$ (анын 9240 $км^2$ тоолуу бөлүгүндө). Кыргыз Ала-Тоосу м-н Талас Ала-Тоосунан башталган Каракол ж-а Үч-Кошой сууларынын кошулушунан пайда болуп, кенен ороон аркылуу батыш тарапка агат да, Моюн-Кумда (Каз-н) соолот. Жог. агымында ороонүнүн жазылыгы 20 *км*. Ортоңку агымында салааларга бөлүнүп, майда таш, кумдуу шилендилерди пайда кылат. Жээктери саздуу. Негизги куймалары: *Калба, Беш-Таш, Урмарал, Кумуштак, Кара-Буура* (сол), *Кенкол, Нылды* (оң). Негизинен моцгу, кар, булак сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 32,7 $м^3/сек$, жог. агымында (чатынан 555 *км*) 15,7 $м^3/сек$, Жамбылдан жогорураакта 27,4 $м^3/сек$. Эң көп чыгымы июлда (130 $м^3/сек$), азы апрелде (8,95 $м^3/сек$) байкалат. Май айында кирип, октябрда тартылат. Декабрда тоцуп, мартта ачылат. Алабында жалпы аянты 120,7 $км^2$ге жеткен 202 моцгу бар. Сугатка кечири пайдаланылат. Томонку агымында *Киров суу сактавычы* курулган. Жээгинде Талас ш., Көпүрө-Базар, Кара-Ой, Кец-Арал, Орловка, Ключёвка, Киров, Покровка ж. б. кыш. жайгашкан.

ТАЛАС (1913-жылга чейин — Ак-чий кыш., 1913—44-ж. — Дмитриевка кыш.) — шаар, Талас р-нунун борбору. Талас ороонүнүн орто бөлүгүндө, деңиз деңг. 1280 *м* бийиктө, Талас суусунун сол жээгинде жайгашкан. Фрунзе ш-нан 300 *км* түш.-батыш тарапта, Жамбыл т. ж. станциясынан 100 *км* аралыкта. Автомобиль жолу аркылуу Фрунзе, Жамбыл ш-лары ж-а реси-канын башка райондору м-н катташат. Климаты континенттик. Январдын орт. темпрасы —6,6°С, июлдуку 20°С. Жылдык



Талас ш-ндагы маданият үйү.

жаан-чачыны 250—350 *мм*. Негизинен кыргыз, орус, украин, немец ж. б. улуттар жашайт. Т. 1877-ж. негизделген. 1944-ж. Талас обл-нын уюшулушуна байланыштуу мурдагы Дмитриевка кыш. Т. шаары аталып, областтын борборуна айланган. 1956-ж. область жоюлгандан кийин Талас р-нунун борбору.

Реси-кадагы ири шаарлардын бири. Ө. ж. ишканалары жерг. ж-а ташылын келиниген а. ч. продукцияларын иштетип, кечири керектелүүчү товарларды чыгарат. Продукциясы б-ча тамак-аш ө. ж. 1-орунда (нан ө-ду, дан кабыл алуучу пункт, сүт, пиво ө-ддору). Экинчи орунду жеңил ө. ж. эелейт: тигүү ф-касы, «Чолпон» бут кийим фирмасынын бөлүмү, үй тиричилик комбинаты. ГЭС иштейт. Мед., муз. окуу жайлары, 6 жалпы билим берүүчү мектеп, мектеп-интернат, спорт мектеби, кинотеатр, мад-т үйү, 5 китепкана, поликлиника, 2 диспансер, 2 оорукана, санэпидстанция ж. б. мекемелери бар.

Ад.: Проблемы промышленного развития малых городов Киргизии, Фр., 1972.

ТАЛАС — Киров р-ндагы Киргизил айыл советине караштуу кыштак. «Манас» с-зунун аймагында. Райондун борбору Кировдон 29 *км* түн.-батыш тарапта. Жамбыл т. ж. станциясынан 11 *км*. Калкы 2913 (1979). Орто мектеп, участкалык оорукана, китепкана, клуб бар.

ТАЛАС АЛА-ТООСУ — *Түндүк Тянь-Шандагы* ири кырка тоо, Кыргыз Ала-Тоосунан Корумду суусу аркылуу бөлүнүп, кендик багытта батышты карай Кара-Тоого (Чакпак ашуусуна) чейин созулуп жатат. Уз. 240 *км*, туурасы 40—50 *км*. Орт. бийикт. 3500—3700 *м*, эң бийик жери — Манас чокусу (4488,1 *м*). Суу болгучу аскалуу, кыр чокулары пирамида түрүндө. Морфол.-генезистик өзгөчөлүгү жагынан альп, эрозия, эрозия-аккумуляция рельеф тибине кирет. Капталдары асимметриялык түзүлүшто. Тескей беттери (түн.) жазы, күнгөйү (түш.) тик, кыска. Түн. капталы Күркүрөө, *Кара-Буура, Урмарал, Беш-Таш, Калба*, Үч-Кошой ж. б. сууларынын капчыгайлары ж-а ороондору м-н тилмеленген. Т. А.-Т. негизинен кембрийге чейинки мегалидин метаморфизмделген слапец, аки таш ж-а палеозой заманынын ар түрдүү чокмо ж-а эффузив тектеринен турат. Түн.-батыш бөлүгүндө гранитоиддер кеңири тараган. Тоо арасындагы ойдундарда, суу өзөндөрүндө палеоген-неогендин кызыл түстүү чокмо тектери ж-а антропогендин аллювий, моцгу чокмолору жатат. Тоону Талас — Фергана жаракасы Кара-Буура ашуусу аркылуу экиге бөлөт. Түн.-чыгыш бөлүгү *Түндүк Тянь-Шандын* Кара-Тоо — Талас, батышы *Ортоңку Тянь-Шандын* Чаткал — Нарын структура-фациялык тилкесинен орун алган. Коргошун, цинк, жез, калай кендери белгилүү. Ашуулары: Өтмөк (3330 *м* бийикте), Бел-Таш, Кара-Буура. Түн.-батыш бөлүгүнөн түн., түн.-чыгышты карай Арчалуу (3377,2 *м*), Үч-Булак (3469,6 *м*), Бакайыр-Чоку (4451,3 *м*), Кок-Кыя (3140,0 *м*) тоо тармактары таркалат. Түн.-чыгышта Италбарс (2293 *м*), Башка-Суу (2565,8 *м*), Арпа-Тектир (3206,1 *м*) ж. б. тоо тармактары созулуп жатат. Климаты кургак, мелүүн континенттик, бийиктик б-ча өзгөрөт. Январдын орт. темп-расы этегинде —7,8°...—8°С, июлдуку 20—21°С; жаан-чачыны 200—300 *мм*. 1300—2500 *м* бийикте жылдык орт. темп-ра 6—7°С, жылдык жаан-чачыны 300—400 *мм*. Ал эми 2500—3200 *м*де жылдык жаан-чачыны 400—500 *мм* ж-а гляциалдык-нивалдык алкакта 700 *мм*ге чейин. Т. А.-Т-нун түн. капталында жалпы аянты 120,7 $км^2$ болгон 202 моцгу бар; ирилери: Манас (6,4 $км^2$), Вокруг Света (6,8 $км^2$) ж. б. Т. А.-Т-на кадимки боз топурактуу, шыбак эфемердүү жарым чөл (900—1100 *м* бийикте; дан өсүмдүктөрү айдалып, жемиш бактары өстүрүлөт), ачык күрөң топурактуу талаа (1200—1900—2200 *м*; ак кылкан, бетеге, тоо куйрук, сарыңдыз, чий ж. б.), тоолуу кара топурактуу талаа шалбаасы (2200—2600 *м*; бетеге, ар түрдүү дандуу чөп өсүмдүктөрү ж. б.), тоолуу күрөң топурактуу субальпи шалбаасы (2700—3200 *м*; каз таман, майда дүңгөлүү дан өсүмдүктөрү, жапалак арча, шимүүр, көбүргөн, уу байчечекей ж. б.), тоо шалбаа, топурактуу альп шалбаасы (3200—4000 *м*; доцуз сырты, өлөң чөп, кымыздык, тулак, бетеге, сары байчечекей ж. б.) ж-а гляциалдык-нивалдык (4000 *м*ден жогору) ландшафт алкактары мүнөздүү. Үрмарал (2200—3000 *м*), Беш-Таш (2000—3000 *м*) сууларынын алабында пихта, семёнов карагайы, арча ж-а сейрек токой өсөт. Жаныбарлары: аюу, илбирс, сүлөөсүн, карышкыр, элик, тоо эчки, суусар, түлкү, бүркүт, ителги, улар, кекилик, чил, ач күсөн, арыс чычкан ж. б.

Ад.: Алиев З., Талас ороону, Фр., 1968; Аболин Р. Н., Горные пастбища Таласо-Сусамырского района Киргизской АССР, Л., 1930.

ТАЛАС ЖАЗУУ ЭСТЕЛИКТЕРИ — көбүнчө Талас ороонүнөн табылган байыркы түрк жазма эстеликтери. Жалпы саны 10—15тей. Алгачкысы 1896-ж. азыркы Талас ш-нан 7—8 *км* түш.-чыгыш тараптагы Айыртам-Ой деген жерден табылган. Т. ж. ө-не мазмундаш эстеликтер Кырг-ндын башка жерлеринен (Кой-Сарыдан, Баткен р-пундагы Ак-Тепеден) да табылган. Т. ж. э. тегерек тарткан кой таштарга ж-а жыгач таякчаларга жазылган, алардын айрым арнитери аска беттеринен да жолугат. Графикалык, фонетикалык, граммат. ж-а лексикалык өзгөчөлүктөрү жагынан *орхон-енисей жазуулары* м-н түздөн түз байланышы бар экени байкалат. Бул эстеликтерди В. В. Радлов, С. Е. Малов, Ю. Немет, Х. Н. Оркун которуп, окуп чыккан. Т. ж. э-н кырг-ндык окумуштуулар да изилдөөдө.



Талас Ала-Тоосу. Алдыңкы планда Беш-Таш көлү.



Ад.: Алиев З., Талас ороону, Фр., 1968; Аболин Р. Н., Горные пастбища Таласо-Сусамырского района Киргизской АССР, Л., 1930; Массон М. Е., К истории открытия древнетюркских рунических надписей в Средней Азии. Материалы Узкомстариса, в. 6—7, М.—Л., 1936; Лунин Б. В., Из истории русского востоковедения и археологии в Туркестане, Таш., 1958, с. 142—47; Малов С. Е., Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии, М.—Л., 1959; Джумагулов Ч., Эпиграфика Киргизии, в. 1, Фр., 1963; Батманов И. А., Талас-

ские памятники древнетюркской письменности, Фр., 1971.

ТАЛАС ЖЫЛКЫ ЗАВОДУ № 113 — респ-кадагы *кыргыз жаңы жылкысын* өстүрүүчү ири чарба. Талас р-нундагы Талды-Булак кыш-нда. 1928-ж. уюштурулган. Чарбадагы 54 469 *га* жердин 35 688и а. ч-на жарактуу. 42 500 кой, 1600 топоз ж-а 1100 жылкы асыралат (1977). Жылыга мамлекетке орт. 5800 *ц* эт, 1400 *ц* жүн тапшырат. Завод негизинен кыргыз жаңы жылкысын асырап, Талас өрөөнү м-н Ош обл-нын колхоз, совхоздоруна асыл тукум жылкы сатат.

ТАЛАС КАНАЛЫ, к. *Чоң Талас каналы.*

ТАЛАС КОЗГОЛОҢУ — Талас өрөөнүндөгү Дмитриевка кыш-нда (азыркы Талас ш.) 1918-ж. августтагы жерг. кулактардын чыгуулары. Т. к-нун чыгышына 1918-ж. 29-майдагы азык-түлүк салыгы (Талас өрөөнү Кызыл Армия үчүн 300 ат, 3 млн сом акча жыйнамак) шылтоо болгон. Козголоңчуларды Мерке ж-а Чалдыбар кулактары, Россиядан качкан эсер, меньшевиктер, падыша армиясынын офицерлери ж-а жерг. байлар колдогон. Айылдагы бирден бир фронтовик-солдат Николай Молчанов элге большевиктер ж-дө түшүндүрмөк болгондо аны куун жиберишкен. Козголоңду басуу үчүн Түркстан ЭКСи чара көрүп, Романенко жетектеген Чымкент отряды (100 киши́ден турган) ж-а Павлов жетектеген Пишпек отряды жиберилген. Ушул эле мезгилде Пишпек советине Дмитриевкага кеткен жолду тосуп, козголоңчулардын Мерке жа Чалдыбардан жөнөтүлөр жардамын токтотуу тапшырылган. Олуя-Ата (азыркы Жамбыл) советинен да жардамга отряд жиберилген. Романенконун отряды 28-августта Алексеевка кыш-на келип, 30-августта козголоңду баскан.

ТАЛАС ОБЛАСТЫ Кыргыз ССРинин составында 1944-ж. уюшулуп, борбору Талас ш. болгон. 1956-ж. 18-февралда Фрунзе обл-на кошулуп, 1962-ж. бул область жоюлган соң аның аймагындагы *Талас району, Киров району, Ленинполь району* респ-кага түз баш ийдирилген.

ТАЛАС ӨРӨӨНҮ Кырг-ндын түн.-батышында. *Кыргыз Ала-Тоосу* м-н *Талас Ала-Тоосунун* аралыгында кеңдик багытта созулат. Аймагында Талас, Ленинполь ж-а Киров р-ндору жайгашкан. Уз. 230 *км*, туурасы чыгышында 1—2 *км*, батышында 25 *км*. Аянты 11 500 *км*². Абс. бийикт. батышында 700 *м*, чыгышында 2000—2200 *м*. Өрөөндүн капталдарына ж-а тоо этектерине эрозиялык, денудация, таманына байыркы муздук м-н тегизделген аккумуляциялык рельеф мүнөздүү. Түн. бөлүгүндө структуралык жактан Кыргыз Ала-Тоосу м-н туташып, ага жарыш жаткан Орток-Тоо, Күнгөй, Кара-Жылга, Эчкили-Тоо, Ак-Таш тоолору жайгашкан. Өрөөн рельефинин түзүлүшү б-ча 3 бөлүктөн турат: байыркы эрозиялык-аккумуляциялык процесс оорчүгөн жог. кууш (жазылыгы 1—4 *км*) бөлүк (Уч-Кошой м-н Каракол сууларынын боюндагы 1400—2200 *м* бийиктеги тектирлер); Чат-Базар кыш. м-н Кара-Буура суусунун аралыгында жайгашкан аллювий түздүгү; Кара-Буура ж-а Күркүрөө сууларынын аралыгындагы тилмеленген жазы (30 *км*ге чейин), жайык бөлүк. Өрөөн кембрийге чейинки ж-а палеозойдун башталышында пайда болгон кумдук, чопо, сланец, конгломерат, аки таш ж-а аларды жиреп чыккан интрузия тоо тектеринен турат. Өрөөндүн таманында ж-а тоо этектеринде антропогендин кум-шагылы м-н чополору кеңири тараган.

Талас Ала-Тоосунун түн. капталында ж-а аның Кыргыз Ала-Тоосуна кошулган жеринде жалпы аянты 159,3 *км*²ге жеткен 210 мөңгү бар. Кар чеги 3450—3600 *м* бийикте. Климаты континенттик. Январдын орт. темп-расы батышында —8,0°С, чыгышында —7,7°С, июлдуку батышында 21,3°С, чыгышында 14,2°С. Жылдык орт. жаан-чачыны 160—500 *мм*. Өрөөн аркылуу Талас, Уч-Кошой, Күркүрөө, Каракол суулары ж-а алардын куймалары агат. Жалпы аянты 2,64 *км*² болгон 50 көл бар; ирилери: *Беш-Таш*, Табылгыты, Айдың-Көл, Ор-Каазган, Жылкыбай ж. б. Өрөөндүн таманында боз, булак чыккан жерлерде шалбаалуу саздак, чыгыш бөлүгүндөгү котөрүңкү түздүктөрдө ж-а тоо этектеринде ачык күрөң, тоолуу кара, тоолуу шалбаа топурагы мүнөздүү. Өрөөндө 2200 *м* бийикке чейин жарым чөл, талаа (бетеге, ак сокто, эрмен, эспарцет, кара кыяк, жалбыз, суу жээктеринде бадал токою), 2500 *м*ге чейин талаа [ак кылкан, бетеге, көчүр баш, кызыл от, изен, капчыгайларда ж-а тоолордун түн. капталдарында арча, карагай, кайың, зарап, четин ж-а Талас өрөөнүндө эндемик — Семёнов пихтасы (Беш-Таш капчыгайында)] өсүмдүктөрү, 2500 *м*ден жогору субальп ж-а альп шалбаасы өсөт; жапалак арча да бар. Талас суусунун өйүз-бүйүзүндө токой (терек, тал, бадал) бар. Айбанаттары: карышкыр, түлкү, суур, аюу, тоо эчки, аркар ж. б. Канаттуулары: кыргоол, бөдөнө, кекилик, чил, когучкон ж. б. Өрөөндө Талас ш., Маймак ш. т. посёлкасы ж-а көптөгөн кыштак жайгашкан. Чарбасын к. *Талас району, Киров району, Ленинполь району.*

Ад.: Алиев З., Талас өрөөнү, Фр., 1975; Ройченко Г. И., Почвенно-географический очерк Таласской долины, «Изв. АН Кирг. ССР», Сер. биол. наук, т. 2, в. 1, Фр., 1960.


ТАЛАС РАЙОНУ — Кыргыз ССРинин түн.-батышындагы админ. район. 1930-ж. уюшулган. 1953-ж. Ленинполь р-ну м-н кошулуп, 1977-ж. кайра бөлүнүп чыккан. Түндүгүнөн Казак ССРи, чыгышынан Панфилов, түштүгүнөн Токтогул, батышынан Ленинполь р-ндору м-н чектешет. Аянты 5280 *км*². Калкы 42343 (1978). Райондо 1 шаар (Талас), 30 кыштак, 5 колхоз, 6 совхоз (аның ичинен мал бордоң семиртүүчү ж-а бал жыйноочу с-здор, жылкы з-ду) бар. Борбору — Талас ш. Т. р. Талас өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүнөн орун алган. Рельефине тоо, өрөөндөр мүнөздүү. Түндүгүндө *Кыргыз Ала-Тоосунун* батыш тармагы, түштүгүндө *Талас Ала-Тоосу*, алардын ортосунда *Талас өрөөнү* жатат. Кен байлыктары: күкүрт колчеданы (к. *Ачык-Таш кени)*, калай, полиметалл, курулуш материалдары ж. б. Климаты кескин континенттик. Июлдун орт. темп-расы 20°С, январдыкы — 6,6°С. Жылдык жаан-чачыны 250—350 *мм*. Суулары: Талас, Нылды, Кецкол, Калба, Беш-Таш, Бала-Чычкан ж. б. Көлү — Беш-Таш. Аймагында боз, саз-шалбаа, күрөң, кара-тоо, тоо шалбаа топурактары басымдуу. 2200 *м* бийикке чейин жарым чөл, талаа, андан жогору (2500 *м*ге чейин) талаа өсүмдүктөрү, 2500 *м*ден субальп ж-а альп шалбаасы өсөт. Жаныбарлардан кыргоол, бөдөнө, суур, кашкулак, чүткөр, элик, аркар, доңуз, карышкыр, түлкү ж. б. бар.

Райондо кыргыз, орус, өзбек, татар, немец ж. б. улут жашайт. Орт. жышт. 1 *км*²ге 8 киши.

Т. р. уяң жүндүү кой, эт-сүт багытындагы мал ж-а тамеки өстүрүүгө адистешкен. 1978-ж. 19,2 миң үй (сааны 5525), 387 миң кой-эчки, 7825 жылкы болгон. А. ч-га жарактуу жери 308,7 миң *га*, аның 35 миңи айдоо, 2825и чабынды, 269,7 миңи жайыт. 1978-ж. 15,4 миң *га* дан эгиндери, 533 *га* тамеки, 18,9 миң *га* тоют өсүмдүктөрү, 79 *га* жашылча, 148 *га* картошка эгилген. Аймагынан Талас — Жамбыл — Фрунзе автомобиль жолу өтөт. Райондо нан, май, пиво з-ддору, үй тиричилик комбинаты ж-а аның 21 бөлүмү, мед. ж-а кесиптик окуу жайлары, 17 орто, 4 сегиз жылдык, 5 башталгыч, 1 көмөкчү мектеп, 2 мектеп-интернат, балдардын муз. ж-а спорт мектептери, 2 мад-т үйү, 24 клуб, 32 китепкана, 15 фельдшер-акушердик пункт, 3 төрөт үйү, 4 ооруканa, 3 амбулатория, 2 диспансер, санэпидстанция, фольклордук-этн. музей, тарыхый эстеликтерден *Манастын күмбөзү* бар. Көнүрө-Базар кыш-нда, Талас ш-нда Улуу Ата Мек. согушта курман болгондорго эстелик тургузулган. Райондук газетасы 1933—44-ж. «Талас колхозчусу», 1944—56-ж. «Большевиктик туу», 1956-жылдан «Ленинчил туу» деген наам м-н кыргыз ж-а орус тилдеринде чыгат.

Ад.: Талас, в кн.: Павленко В. Ф., Рязанцев С. Н., Киргизская ССР, М., 1956; Таласская долина, в кн.: Киргизия, М., 1970 (серия «Советский Союз»).

ТАЛАС-ФЕРГАНА ЖАРАКАСЫ Жер шарындагы белгилүү терең жаракалардын бири. 1929—36-ж. В. А. Николаев, В. Н. Огиев, А. В. Пейве, Н. М. Синицын ж. б. геологдор ачып, Т.-Ф. ж. деп аташкан. Уз. 400 *км*ден ашык. Түн.-батышка карай Фергана, Такылык, Ат-Ойнок кырка тоолорун ж-а Талас Ала-Тоосун бойлоп, Тянь-Шанды кыйгачынан кесип отот. Т.-Ф. ж-н В. И. Попов, Н. М. Синицын, А. Е. Довжиков ж. б. геологдор ылдый жылышуу (сброс) десе, айрымдары (В. А. Николаев, А. В. Пейве, В. Г. Королев, К. С. Сагындыков ж. б.) туурасына жылышуу (сдвиг) системасы деп далилдешкен. Т.-Ф. ж. Тянь-Шандын структура-фациялык тилкелерин, тектоникалык структураларын, геол. комплекстерин экиге бөлүп, аларды жарака б-ча 180 *км* аралыкка жылдырган.



Талас — Фергана жаракасынын түзүлүшү. *1.* Түн. Тянь-Шань; *2.* Түш. Тянь-Шань; *3 — 11.* Ортоңку Тянь-Шань: *3.* Протерозойдун башталышы; *4.* Протерозойдун аягы; *5.* Палеозойдун ортосу; *6.* Кембрийге чейинки гранитоиддер; *7.* Палеозойдун алгындагы гранитоиддер; *8.* Палеозойдун алгындагы жегичтүү тектер; *9.* Пегматиттер; *10.* Динамотермдүү метаморфизм; *11.* Кембрий бүктолүүсү; *12.* Кара-Тоо — Тескей жаракасы; *13.* Талас — Фергана жаракасы; *14.* Сынамык алынган жерлер.

ТАЛАС ЭЛДИК ТЕАТРЫ — Кырг-ндагы элдик театрлардын бири. 1949-ж. райондук өздүк көркөм чыг-лык ыймынын негизинде драма коллективи уюшулган. 1964-ж. Кыргыз ССР мад-т мин-восунун коллегиясынын чечими б-ча «Талас элдик театры» деген наам берилген. Театр кыргыз драматургдарынын пьесалары м-н (М. Жакыпов, «Күтүү»; М. Тойбаев, «Сүйгөнүм», «Талаа гүлдөрү»; Б. Курманкулов, «Карагул ботом» ж. б.) респ-калык кароо-конкурстарга катышып турат. 1965-ж. Кырг-н эл чарба жетишкендиктеринин Москвада өткөн көргөзмөсүнө катышып (Ч. Айтматовдун «Биринчи мугалим» повести б-ча спектакль м-н, реж. Р. Кемпирбаев), алтын медалга татыктуу болгон. О. эле бүткүл союздук 1-фестивалдын (М. Жакыпов, «Үмүт», реж. Б. Мийнекеев) лауреаты. Театр коллективи райондун эмгекчилерине оюнсоок көрсөтүп, маданий жактан тейлейт.

ТАЛГАК — аялдардын бойго бүткөн мезгилинде байланыштуу оорусу. Анда нерв, эндокрин системасында, зат алмашууда бузулуулар байкалып, алар төрөттөн кийин жоголот. Т. эрте же кеч пайда болот. Эрте Т-та аялдардын шилекейи агып, окшуйт, кусат, арыктайт, кан басымы төмөндөйт, эти ысыйт, уйкусу качат же уйку канбайт. Боюндагы бала 6 айлык болгондон кийин (төрөөрүнө 1—2 ай калганда) кеч Т. башталат. Ал 4 стадияга бөлүнөт: 1) деңеси шишийт; 2) нефропатия болот; 3) преэклампсия — кан басымы жогорулап, башы ооруйт, көздөрү жакшы көрбөй, шик көбөйөт. Мында тез дарылап, жасалма жол м-н төрөтпөсө, Т. 4-стадияга (эклампсия) өтөт. Анда кан басымы өтө жогорулайт, дене тырышып, эсин жоготот. Дарылоодо Т-тын түрүнө жараша ооруканага жаткыруу, туура тамактандыруу, *сеп алдыруучу дарылар, витаминдер,* кан басымын төмөндөтүүчү, сийдик айдама дарылар ж. б. колдонулат. Т-ты алдын алуу үчүн аялдар консультациясына өз убагында кайрылуу зарыл.

Ад.: Николаев А. П., Поздние токсикозы беременных, М., 1972; Персианинов Л. С., Акушерский семинар, т. 2, 2 изд., Таш., 1973.

ТАЛГАР ЧОКУСУ Иле Ала-Тоосундагы Талгар массивинде. Бийикт. 4973 *м*. Негизинен гранит тоо тектеринен түзүлгөн. Айланасында Коргинен түзүлгөн. Айланасында Коржиненевский (уз. 11,7 *км*), Жаңыркы (7 *км*ден ашык), Богатырь (8 *км*) моңгүлөрү жайгашкан. Алардын жалпы аянты 271 *км*².

ТАЛДЫ-БУЛАК — Талас р-нундагы Талды-Булак айыл советине карашты кыштак. Талас жылкы заводунун (№ 113) аймагында. Чоң-Кошой суусуна Талды-Булак суусу кошулган жерде. Райондун борбору Талас ш-нан 72 *км* чыгыш тарапта. Жамбыл т. ж. станциясынан 192 *км*. Калкы 1629 (1979). Орто мектеп, клуб, оорукана, үй тиричилик комбинатынын бөлүмү бар.

ТАЛДЫК — Алай кырка тоосундагы ашуу. Алай ж-а Түлө өрөөндөрүн байланыштырат. Бийикт. 3615 *м*. Белинде девондун кумдугу, чополуу сланец, аки таш теги; капталдарында карбондун аки таш тектери чыгып жатат. Түн. бети тик (55—60°); жол 12 айланма (серпантин) аркылуу көтөрүлөт, альп ж-а субальп алкагы таралган. Түштүгү жантайыңкы (30—40°), жылаңач, тундра ж-а жарым чөл өсүмдүктөрү кездешет. Ашуу аркылуу Ош — Хорог автомобиль жолу өтөт.

ТАЛДЫК — Ош обл-нын Кара-Суу р-нундагы суу. Ак-Төр тоосунун түн. капталынан башталып, Кара-Дарыя-Суу (уз. 22 *км*). Жылдык орт. чыгымы 1,28 *м*³/*сек*, эң көбү (май айында) 9,6 *м*³/*сек*, азы (февралда) 0,20 *м*³/*сек*. Апрелде кирип, августта тартыла баштайт. Кар, булак ж-а жамгыр суулары менен куралат. Өрөөнүндө Мады, Баш-Булак, Лянгар, Ак-Жар, Катта-Талдык ж. б. кыш. жайгашкан.

ТАЛДЫК — Ош обл-нын Кара-Суу р-нундагы Катта-Талдык айыл советине караштуу кыштак. Кырг-н мал чарба тажрыйба станциясынын аймагында. Райондун борбору Кара-Суу ш-нан 65 *км* түш. тарапта. Ош т. ж. станциясынан 56 *км*. Калкы 797 (1979). Орто мектеп, китепкана, клуб, медпункт бар. 1929-ж. ориошкон.

ТАЛДЫ-КОРГОН — Казак ССРиндеги Талды-Коргон обл-нын борбор шаары. Жунгар Ала-Тоосунун этегинде, Кара-Тал д-нын боюнда. Калкы 88,8 миң (1979). Т. ж. станциясы. Аккумулятор, жашылча-консерва з-ддору, тигүү, бут кийим, мебель ф-калары, курулуш материалдар комбинаты ж. б. өнөр жай ишканалары иштейт. Пед. ин-т, индустр., пед. ж-а зоовет. техникумдары, мед. окуу жайы, край тааныу музейи бар. 1944-жылдан шаар.

ТАЛДЫ-КОРГОН ОБЛАСТЫ Казак ССРинин карамагында. 1967-ж. 23-декабрда түзүлгөн (1944-ж. Алматы обл-нан бөлүнгөн, 1959-ж. ага кайра кошулган). Чыгышынан КЭР м-н чектешет. Аянты 118,5 миң *км*². Калкы 664 миң (1979). 12 админ. район, 5 шаар, 10 ш. т. посёлка бар. Борбору — Талды-Коргон ш. Область Ленин ордени м-н сыйланган (1973). Т.-К. о. реси-канын түш.-чыгышында жайгашкан. Чыгыш ж-а түш.-чыгышын Жунгар Ала-Тоосу (бийикт. 4442 *м*) ээлейт. Жунгар Ала-Тоосу м-н Барлык кырка тоосунун ортосунда Жунгар Дарбазасы орун алган. Балкаш — Ала-Көл чуңкурдугун ж-а Иле түздүгүн жалчалуу кум ээлеп жатат. Климаты кескин континенттик. Январдын орт. темп-расы —5°С (түн.), 0°С (түш.), июлдуку 25—27°С. Жаан-чачыны 128—800 *мм*. Дарыялары: Иле, Кара-Тал, Ак-Суу, Лепса ж. б., көлдөрү: Балкаш, Ала-Көл ж. б. Областтын түздүктүү бөлүгү чөл ж-а жарым чөл зонасында. Топурунда *бийиктик алкактуулугу* байкалат. Аянтынын 3,2%-ин токой, бадалдар түзөт. Жаныбарлары: карышкыр, түлкү, коён, майда кемирүүчүлөр, бөкөн, каз, өрдөк, ак куу, күрөң аюу ж. б.

Казак, орус, украин, корей, уйгур, татар, немец, поляк ж. б. улуттар жашайт. Орт. жышт. 1 *км*²ге 5,6 киши. Шаар калкы 40% (1979). Ири шаарлары: Текели, Талды-Коргон, Уч-Төбө, Панфилов, Саркант.

Чарбасынын негизин дыйканчылык, эт-сүт ж-а эт-жүн багытындагы мал чарбасы, тамак-аш, жеңил ж-а тоокон ө. ж-лары түзөт. Энергияны жерг. сырьёдон алат. Ири ө. ж. тармактары — полиметалл казып алуу, тамак-аш (кант, эт консерва, балык, май, ун тартуу, шараң), жеңил ө. ж. (тигүү, трикотаж, булгаары бут кийим),

машина куруу ж-а металл иштетүү, жыгач иштетүү, курулуш материалдар. Негизги ө. ж. борборлору: Текели, Талды-Коргон, Уч-Тобо, Кировск, Кара-Булак ж. б. А. ч-га жаратуу жери 9016,3 миң *га*, анын ичинен 7857,9 миң *га* жайыт, 841,2 миң *га* айдоо (1979). Буудай, арпа, шалы, сулу, таруу, жүгөрү ж-а тоют өсүмдүктөрү; кант кызылча, күн карама өстүрүлөт. Бакчылык ж-а жүзүмчүлүк өнүккөн. Областта 1979-ж. 2691 миң кой-эчки, 204,7 миң уй, 55,1 миң чочко, 68,5 миң жылкы, 3,4 миң төө болгон. Автомобиль жолунун уз. 3892 *км*, т. ж. 837 *км* (1979). 1978—79-окуу жылында 339 жалпы билим берүүчү мектеп, 16 кесипчилик, 7 атайын орто окуу жай, пед. ин-ту, 431 китепкана, тарых-край таануу, «Черкасс коргонуусу» музейлери иштеген. «Октябрь туы» (1944-жылдан), «Заря коммунизма» (1944) обл. газеталары чыгат. 1979-ж. 7 миң орундуу 112 ооруканада 1153 врач иштеген. Арасан-Капал курорту бар.

Ад.: Казахстан, М., 1970 (серия «Советский Союз»); Ярмухамедов М. Ш., Экономическая география Казахской ССР, А.-А., 1975.

ТАЛДЫ-СУУ — Нарын обл-ныи Ат-Башы р-нундагы Талды-Суу айыл советине караштуу кыштак. 1-Май к-зунун аймагында. Райондун борбору Ат-Башыдан 38 *км* чыгыш тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 258 *км*. Калкы 1317 (1979). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар. 1932-ж. орношкон.

ТАЛДЫ-СУУ — Ысык-Көл обл-ныи Түп р-нундагы Талды-Суу айыл советине караштуу кыштак. «Талды-Суу» с-зунун аймагында. Күчгөй Ала-Тоонун этегинде. Талды-Суу суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Түптөн 15 *км* түн.-чыгыш тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 202 *км*. Калкы 2988 (1979). Орто мектеп, клуб, китепкана, ооруканa, үй тиричилик комбинатынын бөлүмдөрү бар.

ТАЛЕЙРАН, Талейран-Перигор Шарль Морис (13. 2. 1754, Париж — 17. 5. 1838, ошол эле жер) — князь, герцог, француз дипломаты, мамл. ишмер. Ак сөөк үй-бүлөдөн. 1788—91-ж. епископ. 1789-ж. дин кызматчыларынан Ген. штатка шайланып, 3-сословие окулдорунө кошулган. Чиркөө мүлкүн улуттун карамагына берүү ж-дөгү декретти (1789, ноябрь) кабыл алууга демилге көтөргөн. Монархия кулатылып (1792, авг.), англ. роялистер м-н жашырын байланышы билинип калган соң адегенде Улуу Британияда (1792—94), андан соң—АКШда эмиграцияда. Франция Директория тартибн орногон соң (1796) тышкы иштер министри (1797—99), Консул ж-а Империя убагында (1799—1807) кайрадан ошол кызматта. Наполеон I жеңилип, Францияга каршы каолициянын аскерлери Парижге киргенде (1814, 31-март) убактылуу өкмөт түзүп, Бурбондор бийлигин калыбына келтирүүгө активдүү жардамдашкан. Принципсиз саясатчы, мансапкор, бирок таланттуу дипломат Т. бурж. дипломатиянын көрүнүктүү окулүнөн болгон. Вена конгрессинде (1814—15) Франциянын позициясынын чыңдалышына жетишкен.

Чыг.: Мемуары, М., 1959.

Ад.: Тарле Е. В., Талейран, Соч., т. 11, М., 1961.

ТАЛЕР (нем. Teller — тарелка) полиграфияда — тегиздиктен басуу ж-а тигелдик басуу машиналары үчүн басуу формасы бар металл такта; терилген ариптерди матрицалоого же басууга даярдоочу цинк же чоюн такта м-н капталган стол.

ТАЛКАЛАНДЫ ТОО ТЕКТЕР, кластикалык тоо тектер — ар түрдүү тоо тектердин (чөкмө, жанар тоо, метаморфизмделген) ж-а минералдардын (кварц, талаа шпаты, слюда, глауконит ж. б.) сыныктарынан пайда болгон чөкмө тоо тек. Т. т. т. камдашкан ж-а камдашпаган борпоң түргө ажыратылат. Камдашкан Т. т. т-дин камдаштыргыч заттары: карбонаттар, кремний кычкылы, темир кычкылдары, чопо ж. б. Көпчүлүк учурда Т. т. т-дин арасында жандыктар м-н өсүмдүктөрдүн калдыктары да жолугат. Сыртқы түзүлүшүнө ж-а көлөмүнө карай класстарга ажыратылат. 1. Сынықтарының көлөму 1 *мм*ден жогору болгон кесек Т. т. т. же псефиттер; борпоң түрү: келки сынықтар, жумуру таштар, шагыл, сайташ (гравелит), үболөндү; камдашкан түрү: конгломерат, гравелит ж. б. 2. Кумдуктар же псаммиттер (1—0,05 *мм*). 3. Күлбото же алеврит, бүртүкчөлөрүнүн көлөму 0,05—0,005 *мм*ге чейин. 4. Чопо тектери же пелиттер, бүртүкчөлөрүнүн көлөму 0,005 *мм*ден майда (чопо, аргиллит ж. б.). Чопо тектери хим. жол м-н ж-а Т. т. т-ден пайда болот. Т. т. т.— баалуу курулуш материалы. Жог. сапаттуу кварц куму айнек ж-а металлургия ө. ж-нда пайдаланылат. Өзөн ж-а деңиз кумдарынан ар түрдүү металл руданын чачынды кенин жолуктырууга болот.

Ад.: Логвиненко Н. В., Петрография осадочных пород (с основами методики исследования), 2 изд., М., 1974.

ТАЛКАН — дандан куурулуп, тегирменге же жаргылчакка тартылып жасалган азык. Кургак тамактардын эң байыркыларынан. Т. аштыгына карай — арпа Т., буудай Т., жүгөрү Т., таруу Т. ж. б.; корушталып даярдалышы б-ча кант Т., май Т. ж. б. деп бөлүнөт. Чала фабрикат катары Т-дан ар кыл суюк аш (жарма) жасалат. Айранга, кымызга чалынып да ичилет, сүткө, каймакка же майга кошулуп желет. Т. малчыларга, мергенчилерге ж-а ыраакта сапар тарткандарга көпкө сакталышы м-н ыңгайлуу азык болгон.

Ад.: Талкан, ж-пте: Ворубаев Т., Кыргыз тамак-ашы, Фр., 1976, 120—21-б.

ТАЛКАНБАЕВ Токтораалы (1868 — 1944) — кыргыз жазма акыны, к. *Токтораалы* Талканбаев.

ТАЛКУУ — устанын тери, кайыш ийлөөчү жыгач станогу. Жумуру жыгачтан ортосу кенен оюлуп, кырлары ири быдырлуу араа тиш (ааууусу) түрүндө жасалат. Бир же бир жарым кулачтай узун, ок жыгачынын баш жагы да ааууланат. Ийленүүчү чыңгый терини бир адам Т-га бүктөп, улам оодарып турат. Экинчи адам ок жыгачты ойдо-ылдый сүргүлөп ойкөйт. Бир метрдей аштама жыгачтан Т. жасалып, ага тери арта салынып, жайылат да, тизе м-н басылып ийленет. Т. тери иштетүүчү курал катары байыртан белгилүү.

ТАЛЛИЙ (лат. Thallium), Tl — Менделеевдин мезгилдик системасынын III тобундагы хим. элемент, ат. н. 81, ат. м. 204,37; негизинен эки туруктуу, о. эле радиоактивдүү изотоптору бар. Сейрек кездешүүчү когултур сур келген металл, абада тез күңүрттөнөт, эрүү t 303,6°C, кайноо t 1457°C. Т. фосфор, күкүрт ж-а галогендер м-н түздөн түз кошулат. Хим. бирикмелеринде 1 ж-а 3 валенттүү. Т-дин бир валенттүү бирикмелери туруктуу, үч валенттүүлөрү кычкылдандыргыч каснетке ээ. Кычкылтек м-н Tl_2O ж-а Tl_2O_3 пайда кылат. Т. түстүү металлдардын ж-а темирдин сульфид рудаларын иштетүүдө алынат. Бирикмелери оптикалык тетиктерди даярдоодо, металл түрүндөгүсү күймаларды алууда колдонулат.

ТАЛЛИН (мурун Ревель) — Эстон ССРинин борбор шаары. Ири индустр., ил. ж-а маданий жай. Жолдор тоому, деңиз порту. Финн булуңунун түш. жээгинде жайгашкан. Аянты 145,9 $км^2$. Калкы 430 миң (1979). Шаар 4 админ. районго бөлүнөт. Ленин ордени м-н сыйланган (1978).

Арх-ылык маалыматтарга караганда азыркы Т. ордунда 10—11-к-да эстердин чеби болгон. Жазма даректерде 1154-ж. эскерилет. Орус жыл баяндарында Колывань ш. деп аталган. Аны 1219-ж. даниялыктар каратып, Ревал (Ревель) деп аташкан. 1346-ж. *Тевтон орденине* сатылып, кийин *Ливон орденине* берилген. 1561-ж. Швециянын, *Түндүк согушунан (1700—21)* кийин Россиянын составына өтүп, Ревель (1783-жылдан Эстляндия) губ-нын борборуна айланган. Т-де 1917-ж. мартта Жумушчу ж-а солдат депутаттарынын советтери түзүлүп, 26-октябрда Совет бийлиги орногон. 1918-ж. февралда немец аскерлери басып алган. 1918—40-ж. Т.— бурж. Эстониянын борбору. 1940-ж. июлда Т-де Совет бийлиги калыбына келтирилген. Эстония СССРге бириккен соң (1940, авг.) Т.— Эстон ССРинин борбору. Улуу Ата Мекен согушта 1941-ж. августтан фашист немец аскерлери оккупациялап, катуу бүлүндүргөн шаарды Сов. Армия 1944-ж. сентябрда душмандан тазалаган. Согуштан кийин шаар калыбына келтирилип, улам өсүүдө.

1940—74-ж. ө. ж. продукциясынын жалпы көлөму 33 эсе өскөн. Ө. ж-ның башкы тармагы — машина куруу ж-а металл иштетүү. Айрыкча электрон, электр-тех., прибор куруу тез өнүгүүдө. Ири ишканалары: «Вольта» (электр кыймылдаткыч чыгарат), «Эсти кабель», контролдон өсептегич прибор, машина куруу, «Ильмарине» экскаватор ж-а кеме ремонттоо з-ддору. Химия («Флора» өндуруш бирикмеси, «Орто» хим. комбинаты, хим.-фармацевтика а-ду ж. б.), токой, жыгач иштетүү ж-а целлюлоза-кагаз (фанера-мебель комбинаты, целлюлоза-кагаз комбинаты) ж. б. өнөр жайлары бар. Жеңил (текстиль, трикотаж, тигүү, булгаары-бут кийим), тамак-аш («Калев» кондитер ф-касы, балык комбинаты, сүт, эт ж. б.) ө. ж. да өнүккөн. Т. электр энергиясын Балтика бою ж-а Эстон ГРЭСтеринен, газды Кохтла-Ярве — Т. ж-а Ленинград — Т. газ жүргүчтөрү аркылуу алат. Хельсинки м-н кеме катнашы бар. Аэропорт иштейт.

Т. Жог. шаар, Төмөнкү шаар ж-а Жаңы шаар болуп үч бөлүктөн турат. Негизги арх-ра эстеликтери: Ратуша (14—15-к.), Чоң гильдия имараты (15-к.), чиркөөлөр (13—14-к.), Кадриорг сарайы (18-к.) ж. б. Азыркы шаардын ген. планы б-ча «Эстонэнерго» (1958), Балтика вокзалы (1965), Политехника ин-ту (1962), Эстония КП БКнын имараты (1968), «Вируу» мейманканасы (1972) ж. б. курулган. В. И. Ленинге (1950), «Русалка» орус броненосецинин экипажына (1902), «1924-ж. 1-декабрдагы эстон пролетариатынын куралдуу көтөрүлүшүнө» (1975), «Совет бийлиги үчүн күрөшкөндөргө» арналган мемориал ансамбли (1975) ж. б. эстеликтер бар.

1974—75-окуу жылында 72 жалпы билим берүүчү мектеп, 11 кесипчилик, 12 орто, 4 жог. окуу жайы болгон. Т-де Эстон ССР ИА, консерватория, 44 китепкана, 5 театр, 13 музей ж. б. бар. Туризм өнүккөн.

Ад.: Брунс Д. В., Таллин сегодня и завтра, Тал., 1964; Рейнсалу А. И., Таллин. Путеводитель, Тал., 1973.



Таллин. Эски шаардын панорамасы.

ТАЛМА, эпилепсия (гр. epilambáno — кармайм) — кишинин капысынан кыска мөөнөткө эс-акылы жоголуп, жыгылуу ж-а булчуңдарынын карышуусу м-н мүнөздөлгөн оорусу; нерв системасынын көп кездешүүчү илдеттеринин бири. Себептерине байланыштуу Т-нын 2 түрү бар: 1) чыныгы Т., 2) мээнин ар түрдүү ооруларынын (мээнин шишиги, сезгенүүсү, чайкалышы ж. б.) бир белгиси катары кездешүүчү Т. Чыныгы Т-нын себептери — нерв системасындагы зат алмашуунун бузулушу, *түйүлдүктүн* же *ымыркай бала* кезинде болгон мээ илдеттеринин калдыктары. Чыныгы Т. негизги белгилери б-ча чоң Т., кичи Т. ж-а Т. автоматизми болуп бөлүнөт. Чоң Т. кармаганда адам күтүлбөгөн жерден эс-акылын жоготуп жыгылат. Булчуң эттери түйүлүп, кол, буттары тырышып тартылат, бети кыйшайып, мойну толгонот. Дем алуу бузулуп, көгөрөт, көздүн каректери чоңоюп, жарыкты сезбей калат. 20—30 *сек* өткөндөн кийин дене бою диртилдеп, ээги шакылдап, тили чайналат да, ооздон көбүк чыгат. Заарасы эрксиз чыгып кетиши мүмкүн. Бул көрүнүш 1—2 *мин* созулат. Андан кийин булчуңдардын тартылуусу жазыла баштайт, дем алуу оңолуп, денесинин көгөргөнү таркайт. Кийин бир нече саатка созулган катуу уйкуга чөмүлөт. Т-ныи кармаганы ж-де киши эчтеке эстей албайт, эсинде аныи алгачкы гана белгилери сакталат. Кичи Т. кармаганда адам бир нече *сек* гана эс-акылын жоготот. Мында кыймыл, сүйлөп жаткан сөзү үзүлүп, колдогу буюмдар түшөт. Т. автоматизминде адам эс-акылынан ажырайт, ага кайрылган суроолорго жооп бербейт, максатсыз ары-бери басып, буюмдарды которуштурун же болбосо үйдөн чыгып, кээде поездге, автобуска түшүп кетиши мүмкүн. Т. таркаганда бул белгилердин бирин да эстебейт. Бул ооруга чалдыккандар атайын көзөмөлгө алынат. Дарылоосу Т-ныи түрүнө, кайталанышына, себептерине ж. б. жараша жүргүзүлөт.

Ад.: Болдырев А. И., Эпилепсия у взрослых, М., 1971; Антонов И. П., Шанько Г. Г. Судорожные состояния у детей, Мн., 1970.

ТАЛМУД — *иудаизмдин* догматикалык, диний-этикалык ж-а укук жоболорунун жыйнагы. Б. э. ч. 4-к.— б. э. 5-к-нда түзүлгөн. Бир бөлүгү байыркы еврей тилинде, бир бөлүгү арамей диалектисинде. Т. укук жоболорунан, аларды коштогон миф, легенда, притча, жомок, ацгемелерден куралган. Т. адамдын кудай алдында алсыздыгы жөнүндөгү идеяга каныккан.

ТАЛПАК — мал, жапайы айбан терисинен жерге төшөөго ылайыкталып жасалган тиричилик буюму. Анын такыр бетине жун сабалат. Ашатылган ж-а чылгый (бетине туз себилип катырылган) түрү болот. Ашатылган Т. ным өткөрбөй, жылуулукту жакшы сактайт.

ТАЛЬ — кол м-н же мех. (электр же пневматикалык) жүргүзүлмө асма жүк көтөргүч түзүлүш. Т. туруктуу орнотулма ж-а бир рельстүү асма жол м-н жылдырылма (тельфер) болуп бөлүнөт. Кол м-н иштетилме Т. 0,1—10 *т* жүк көтөрө алат. Электр Т-ныи жүк көтөрүмд. 0,25—10 *т*, жүк көтөрүү бийикт. 4—30 *м*, көтөрүү ылдамд. 8—20 *м/мин*, жылдыруу ылдамд. 20—30 *м/мин* (к. сүрөт). Электр тогун колдонууга мүмкүн болбогондо пневматикалык Т. пайдаланылат, ал 0,1 *т*га чейин жүк көтөрөт.



Электр жылдырылма таль: *1*— эки жагы кырдуу жол; *2* — жүргүзүлмө арабача; *3* — электр кыймылдаткыч орнотулган барабан; *4* — электраппаратура шкафы; *5*— башкаруу пульту; *6*— илмектүү асма; *7* — тормоздуу редуктор.

ТАЛЬК — силикаттар классындагы минерал. Хим. составы $Mg_3[Si_4O_{10}](OH)_2$. *Моноклин системаларында* кристалл-данат. Түссүз, агыш, жашыл сымал. Жумшак (катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 1). Салышт. салм. 2,58—2,83. Майланышкандай жылма. Ультранегиздүү тоо тектердин гидротермдик өзгөрүүсүнөн пайда болот; көбүнчө кремнийлүү доломиттерде кезигет. Т. резина ж-а кагаз даярдоодо, мед., парфюмерия-косметика ж. б. өнөр жайда, техникада (айрыкча радиоизоляция үчүн, кургак майлоо), каранада колдонулат.

ТАМАК-АШ — *тамактануу* үчүн организм сыртқы чөйрөдөн алуучу орг. ж-а орг. эмес заттардын жыйындысы. Т.-а. организмге ткандардын осушун камсыз кылуу, бузулган ткандарды кайра калыбына келтирүү ж-а сарпталган энергияны толуктоо үчүн керек. Көмүр кычкыл газ, суу ж. б. орг. эмес заттар автотрофтуу организмдердин (көбүнчө өсүмдүктөрдүн) Т.-а-ынын негизин түзүп, алардан гетеротрофтуу организмдерге (кээ бир өсүмдүк, бардык айбанат ж-а кишн) Т.-а. болуучу белок, май, углеводдор синтезделет (к. *Фотосинтез, Хемосинтез*). Кишинин Т.-а-ы—атайын кулинариялык даярдоодон өткөн табигый ж-а жасалма продуктулар (к. *Синтездик жана жасалма азыктар)*. Алар чийки сырьёдон мех. (тазалоо ж. б.) ж-а жылуулук ыкмалары м-н даярдалат. Тамакты бышырганда ал түрдүү физ., хим. өзгөрүүлөргө дуушар болот. Тамактануунун негизин эт, балык, сүт, жумурткада болуучу белоктор түзөт. Продуктуларды бышырганда белоктор *коагуляция* ж-а денатурацияга учурайт, о. эле ферменттердин таасирине туруксуз болуп калат. Бышкан эттин же балыктын жумшактыгы андагы туташтырма ткань белогунун (коллагендин) глютинге айланышына байланыштуу. Жог. темп-рада углеводдор өзгөрүүлөргө учурап, крахмал клейстерге, амилопектин клкилдекке айланат. Жашылча, жемиштерди бышырганда алардагы дисахарид м-н крахмалдан декстрин ж-а жөнөкөй канттар пайда болот. Майлар ысытканда анча өзгөрүлбөйт, тамакты узак куурганда майдагы каныкпаган кислоталар гана кычкылданат. Даярдалган Т.-а-та сууда эрүүчү В группасындагы витаминдердин (B_1, B_2, PP ж. б.) 70—80% сакталат. Бышырганда Т.-а-тын түсү да өзгөрөлөт. Мпс., жашылчадагы *хлорофилл* кычкыл чөйрөдө күрөң жашыл феофитинге, жегичтүү чөйрөдө ачык жашыл хлорофиллинге айланат.

Ад.: к. *Тамактануу* макаласынан.

ТАМАК-АШ ӨНӨР ЖАЙЫ — тамак-аш продуктуларын чыгаруучу о. ж. тармактарынын жыйындысы. Т.-а. о. ж-нда эт, сүт, балык, консерва, кант, кондитер продуктулары, арак, шарап, пиво, чылым ж. б. чыгарылат. Рев-я-га чейин Россияда 300 миңдей майда ишкана болгон. Биринчи беш жылдыкта эле Т.-а. о. ж. ишканалары реконструкцияланып, жацылары курула баштаган. Улуу Ата Мек. согуш жылдары Т.-а. о. ж. көп бүлгүнө учурап, азык өндүрүү көлөмү 1945-ж. 1940-жылдагыдан 1,9 эсеге азайган. Согуштан кийинки жылдары тамак-аш ишканалары калыбына келтирилип, тех. жактан кайра жабдылды ж-а жацылары ишке киргизилди. 1973-ж. Т.-а. о. ж-нда механикалаштырылган ж-а автоматташтырылган 2407 завод, 12 миңден атуун цех ж-а участкалар иштеген. Эмгек өндүрүмдүүлүгү 1941—73-ж. 3 эседен көбүрөөк, о. ж-дын дүң продукциясы 5 эсеге жогорулады. 1977-ж. СССРдин жалпы о. ж. продукциясында Т.-а. о. ж-ның үлүшү 19%. Соц. өлкөлөрдө да Т.-а. о. ж. жакшы жолго коюлган. Капит. мамлекеттерде Т.-а. о. ж-ның негизги тармактары монополиялардын колунда.

Кырг-ндын Т.-а. о. ж. ар түрдүү 11 тармакты бириктирет. Анын азык-түлүк өндүрүүчү 54 ишканасы бар. 9-бем жылдыкта Кырг-ндын Т.-аш о. ж-ның көлөмү пландагы 19,6%тин ордуна 33,4%ке өсүп, жацы 200дөн ашык сапаттуу азык өздөштүрүлгөн. Т.-а. о. ж-ның 25 азык-түлүк продукциясы мамл. сапат белгиси м-н чыгарылат. Кырг-ндын Т.-а. о. ж. чыгарган бир катар азык-түлүк продукциясын төмөндөгү таблица мүнөздөйт:

Азык-түлүк	1965	1970	1975	1976	1977
Күмүшекер, миң *т*	173,8	198,0	205,8	249,1	270,9
Эт (категориялуу субпродукт м-н), миң *т*	68,3	78,8	111,8	97,2	98,7
Колбаса, миң *т*	9,1	13,8	16,8	16,9	15,6
Мал майы, миң *т*	7,5	6,9	8,4	8,7	9,2
Ынак сүт азык-түлүгү, миң *т*	83,1	140,9	177,8	181,5	184,5
Өсүмдүк майы, миң *т*	17,2	16,9	20,6	20,8	20,1
Консерва, млн шарттуу банка	60,1	79,4	130,9	127,8	127,5
Кондитер азык-түлүгү, миң *т*	22,9	27,9	33,2	34,0	35,2
Ун, миң *т*	243,2	333,0	435,5	449,2	434,0
Макарон азыктары, *т*	6558	5700	6114	6204	6320
Нан, миң *т*	184,8	194,0	225,7	225,5	226,8
Жүзүм шарабы, миң *дал*	1637	2751	3016	3004	3430
Шампан, миң бөтөлкө	1724	2495	4552	4753	5036
Пиво, миң *дал*	3360	4366	5039	5060	5126

ТАМАК-АШТАН УУЛАНУУ — тамактагы зыянduу факторлордон пайда болгон оору. Ага микробдор (ботулинус, стрептококк, стафилококк, сальмонелла ж. б.), уулуу козу карындар, ачуу данектер (мпс., оруктун, бадамдын данегиндеги глюкозид амигдалин тамак синирүү жолдорунда бөлүнүп, пайда болгон синил к-тасы уулануунун алып келет), кара көсөө, көгөрүп жашылданын калган картошка, чала бышырылган маш буурчак (анда фазеолунатин деген уу зат болот), кээ бир балыктар (мпс., Балкаш көлүнүн маринкасы), хим. заттар (мпс., уу химикаттар кошулган үрөндөн же калай чайкалбаган жез идишке тамак жасаганда) ж. б. себепкер. Оору капысынан башталып, гастрит, энтероколитке окшош өтөт. Оорулуудан соо адамга жукпайт. Алдын алуу—калк арасында санитариялык агартуу иштерин жүргүзүү, коомдук тамак-аш даярдоочу ишканаларда, о. ж-да санитариялык надзор уюштуруу ж. б. Дарылоону к. *Уулануу*.


Ад.: Шур И. В., Заболевания сальмонеллезной этиологии. 2 изд., М., 1970; Будагян Ф. Е., Пищевые токсикозы, токсикоинфекции и их профилактика, 2 изд., М., 1972.

ТАМАК СИНИРҮҮ — организмде тамак-аштын майдаланып, хим. жол м-н ажыран синирилишин ж-а зат алмашууга катышуусун камсыз кылуучу процесстер. Тамак *ферменттердин* таасири м-н өтө майда болуксыл оңгочко, андан карынга барат. *Карын вилиндеги* ферменттер *(пепсин,* гастриксин ж. б.) тамактагы белокторду пептонго, айрымдарын аминокислоталарга чейин ажыратат. Кээ бир кешөөчүлөрдүн карын зилиндеги химозин (сүт м-н тамактанган кезинде) сүттүн белогун иримчикке айлантып, синирүүгө даярдайт. Кишинин карынында тамак 3,5—4 *с* болуп, аз-аздан он эки эли ичегине өтөт. Анда *уйку безинин* ферменттеринин *(трипсин,* химотрипсин ж. б.) таасири м-н полипептиддер ж-а кичине молекулалуу пептиддер, бир аз аминокислоталар пайда болот. Майлардын гидролизденишинде өттүн жардамы чоң. Ал липазанын (уйку безинин ферменти) таасирин күчөтүп, он эки эли ичегиде майлар ди-, моноглицериддерге, май к-таларына ж-а глицеринге чейин ажырайт. Углеводторду (крахмал ж-а гликоген) α-амилаза ферменти три- ж-а дисахаридерге айландырат. Он эки эли ичегиден тамак ичке ичегиге өтүп, ичегинин сыртқы мембранасындагы α-амилаза, аминопептидаза, жегичтүү фосфатаза ж. б. ферменттер тамакты акыркы майда түрүнө чейин ажыратат. Тамактын майдаланган жөнөкөй бөлүкчөлөрү негизинен ичке ичегиде синирилип, канга ж-а лимфага өтүп, бүт денеге тарайт. Тамактын синбеген калдыктары жоон ичегиге барат. Анда тамактын бөлүнүшүндө пайда болгон айрым уу заттар канга өтүп, боордо бузулуп, организмден бөлүнүп чыгат же зыянсыз заттарга айланат. Жоон ичегиде пайдалуу микробдор тамактын чиришине тоскоол кылып, К, В группасындагы витаминдерди иштеп чыгарат. Жоон ичегиде клетчаткага ажырайт. Анда суу, химустун минералдык ж-а орг. бөлүктөрү синирилет; зак түзүлүп, синбей калган тамак организмден сыртка чыгарылат. Т. с.— өтө татаал процесс. Аны нерв системасы ж-а гумор факторлору жөнгө салат. Т. с-нүн бузулушун к. *Гастрит, Гепатит, Диспепсия, Карындын жана он эки эли ичегинин жарасы, Колит, Энтерит* макалаларынан.

Ад.: Шлыгин Г. К., Ферменты кишечника в норме и патологии, Л., 1967; Уголев А. М., Пищеварение и его приспособительная эволюция, М., 1961; его же, Мембранное пищеварение. Полисубстратные процессы, организация и регуляция. Л., 1972.

ТАМАК СИНИРҮҮ СИСТЕМАСЫ, тамак синирүүчү аппарат — айбанат ж-а кишинин тамак синирүүчү органдары. Көпчүлүк жаныбарларда Т. с. с. оозун ж-а арткы тешигин бириктирген түтүкчө түрүндө. *Жөнөкөйлөрдө* тамак синирүү клеткада өтөт. Т. с. с. омурткасыздарда көп түрдүү. Ичеги көңдөйлүүлөрдө сыртка чыгуучу бир тешиги (оозу) бар энтодерма м-н капталган көңдөйчө. Жалпак курттарда арткы тешиги жок, бутактанган ичегиден турат. Немертин, жумуру курттар ж. б. омурткасыздарда ичеги арткы тешиги м-н бүтөт. Моллюскалардын Т. с. с. кулкун, жаак, майдалагыч, шилекей бездери, кызыл оңгоч, карын, ичке ичеги ж-а арткы ичеги-ден турат. Кээ бир омурткасыздар (тасма

Кээ бир омурткалуу жаныбарлардын тамак синирүү системасы (схема): А — миксинанын; Б — акуланыкы; В — окундуку; Г — баканыкы; Д — коегучкондуку; Е — коёндуку; Ж — кишинiки: *1* — кызыл оңгоч; *2* — карын; *3* — уйку бези; *4* — ичке ичеги; *5* — жоон ичеги; *6* — боор; *7* — сокур ичеги; *8* — клоака; *9* — өт баштыгы; *10*—ичеги тракты; *11*—спиралдуу клапан.



ж-а тикен баштуу курттар, погонофорлор) тиричилик шартына байланыштуу эволюциялык процесстө Т. с. с-н жоготушкан. Омурткалуулар ж-а кишинин Т. с. с. ооз, кулкун, *кызыл оңгоч, карын, ичеги, боор* ж-а *уйку безинен* турат. Бакалоор м-н дем алуучу омурткалуулардын кулкунунда бакалоор тешикчелери болуп, дем алууга да катышат. Кургакта жашаган сүт эмүүчүлөрдүн *шилекей бездери* ж-а без органдары жакшы өөрчүгөн. Көпчүлүк балыктардын, жерде-сууда жашоочулардын, сойлоочулардын ж-а жыртқыч сүт эмүүчүлөрдүн карыны жөнөкөй, ал эми кеппшоочу сүт эмүүчүлөрдүкү татаал. Көпчүлүк омурткалуулардын ж-а кишинин ичегиси морфол. ж-а функциялык жактан айырмаланган бир нече бөлүктөргө бөлүнгөн.

Ад.: Беклемишев В. Н., Основы сравнительной анатомии беспозвоночных, 3 изд., т. 2, М., 1964; Вилли К., Детье В., Биология, пер. с англ., М., 1974.

ТАМАКТАНУУ — күндөлүк сарпталган энергияны толуктоо, клетка ж-а ткандарды жацыдан куруу же алмаштыруу, организмдин ар түрдүү функцияларын тейлөө үчүн керектүү заттардын организмге кирүү процесси.

Айбанаттардын тамактануусу эндогендик (организмде жыйылган тамак заттардын эсебинен, мпс., ачкалыкта, чээнге кирүүдө) ж-а экзогендик (сыртқы чөйрөдөн келген тамак заттардын эсебинен) болуп бөлүнөт. Бир клеткалуулар көбүнчө фагоциттөө жолу м-н, айрымы (мпс., трипаносомалар) тамак заттарга бай чөйрөдө болуп, осмос аркылуу тамактанат. Т-нун мүнөзүнө жараша эврифаг же пантофаг (түрдүү тамакты жей турган) ж-а стенофаг (орг. тамак заттарын жечү) болуп айырмаланат. Т. сезондук таасирлерге жараша өзгөрүлүп турат. Айбанаттын саны, көбөйүүсү ж. б. бул тартка байланыштуу (к. *Тоюттандыруу*).

Кишинин тамактануусу — сыртқы чөйрөнүн кишинин ден соолугуна, анын ишке жөндөмдүүлүгүнө ж-а өмүрүнүн узактыгына таасир этүүчү факторлорунун бири. Дени соо кишилердин туура Т-сунун негизин *тамактануу гигиенасы,* оорулуулардыкын — *диетология* иштеп чыгат. Жетишсиз ж-а сапатсыз Т. айрым органдын функциясынын начарлашына же организмдин жабыркап, өтө арыктоосуна, *авитаминозго,* ашык Т. *семирүү, атеросклероз, диабет* ж. б-га алып келет. Т-нун жетишсиздиги балдардын өсүшүн, ооруга туруктуулугун начарлатат. Организмдин нормалдуу жашоосуна керектүү заттар — белоктор, майлар, углеводдор, витаминдер, микроэлементтер. Белок — клеткалардын структурасын түзүүчү негизги зат; ал ичегиде аминокислота түрүндө синирилип, кан аркылуу тарап, клеткаларда биосинтезге катышат. Белок жаш өспүрүмдөрдө, боюнда бар ж-а эмчек эмизген аялдарга өтө керектүү. Май клеткалардын составына кирет, энергиялык материал катары кызмат кылат. Организмдин керектөөсүнөн арткан май, о. эле белок, углеводдордун ашыгы да майга айланып, терининн астында ж-а ич майга кошулуп жыйылат. Углеводдор организмде булчуңдарды кыймылга келтирүү энергиясын берет. Углеводдордун бир аз ашыгы гликоген түрүндө боордо ж-а булчуңдарда сакталат. Т. туура болуш үчүн рационго эт, балык, сүт ж-а андан жасалган продуктулар, жемиш, жашылча кирүү керек. Ден соолук үчүн Т. режимин туура колдоно билүү маанилүү. Чоң кишн күнүнө 3—4 маал (аралыгы 4—5 *с*) Т-су керек. Мындай Т. тамактын жакшы синирилишине өбөлгө болот. Суткасына ичилүүчү тамактын 25%ин эртең менекн 1-Т., 15%ин 2-Т., 35%ин түшкү, 25%ин кечки Т. түзүшү зарыл.

Ад.: Гигиена питания, под ред. К. С. Петровского, т. 1—2, М., 1971; Лечебное питание, под ред. И. С. Савошенко, М., 1971; Кожомкулов Т. А., Как надо питаться, чтобы быть здоровым, Фр., 1969.

ТАМАКТАНУУ ГИГИЕНАСЫ — гигиенанын тамактануу м-н байланыштуу бардык маселелерин изилдөөчү тармагы. Ал тамак-аштын хим. составын, кишинин жашына, иштөө ж-а жашоо шартына жараша тамак нормаларын иштеп чыгууну, тамакты кандай олчомдө ж-а сапатта болуштурүүнү, тамак-аштан таралуучу ооруларды ж-а аларды алдын алуу чараларын изилдейт. О. эле ар бир калктын улуттук өзгөчөлүгүнө жараша тамактануусун изилден, туура тамактануу үчүн сунуштарды, мамл. ж-а пландоо органдарына тамак-ашты чыгаруу ж-дө ж-а аларды чыгаруучу мекемелерге коюлуучу талаптарды иштеп чыгат. СССРде Т. г. б-ча ил. иштер СССР МИАнын Тамактануу ин-тунун жетекчилиги м-н ил. из. ин-ттарында, лабор-яларда, мед. ин-ттарынын кафедраларында жүргүзүлөт. Т. г-ның практикалык маселелерин санитариялык көзөмөлдөөчү мекемелер (респ-калык, обл., шаардык, райондук санитариялык-эпидемиологиялык станциялардын тамак-аш б-ча болүмдөрдү) чечет. Кырг-нда Т. г. б-ча ил. из. иштери 1946-жылдан жүргүзүлүүдө. Алар элдин тамактануусунун улуттук өзгөчөлүгүнө, айрым тамак-аштын составын изилдөөго ж. б-га арналган.

Ад.: Петровский К. С., Гигиена питания, М., 1975; Кожомкулов Т. А., Лечебные питания в домашних условиях, Фр., 1978.

ТАМАН БАЛЫК, карастар (Carassius) — *каңылтырлар* тукумундагы балык. Жон сүзгүчтөрү узун. Эки түрү (кадимки ж-а күмүштөй Т. б.) бар. Кадимки Т. б. Европа ж-а Азияда таралган. Тулку жазы, кочкул күрөң, канталы сары жалтырак, сүзгүчтөрү кызгылт. Уз. 45 *см*, салм. 3 *кгга* жетет. Ал көлмөлөрдө же агын суулардa жашайт. Суу тоңуп же кур-

гап калганда ылайга (70 *смге* чейинки терендикке) кирип жата берет. 3—4 жашында жыныстык жактан жетилип, 300 миңге жакын уругун таштайт. Өсүмдүк ж-а майда суу жаныбарлары м-н азыктанат. Күмүштой Т. б. Тынч океандын, Арал деңизинин алаптарында, Сибирде, СССРдин Европа бөлүгүндө таралган. Эки түрчөсү кездешет. Денеси күмүш түспол, уз. 45 *см*, салм. 1 *кг*. Т. б-тын промыселдик мааниси бар.

ТАМАН ЖАЛПАКТЫГЫ, май таман — тамандын узунунан ж-а туурасынан кеткен коңулунун тоому билинбей, толук же жарым-жартылай тегиздиги. Т. ж-ным тубаса ж-а кийин пайда болгон түрү бар. Кийин пайда болгон түрү *травмадан* ж-а шал ооруларынын кесепетинен, көп басуу, оор жүк көтөрүү, дайыма тикесинен туруп иштөө ж. б-дан болот. Бул оорудан жабыркагандардын бут булчуңдары, бели ооруйт, кээде баш бармактын кыймайышына алып келет.

ТАМАНЬ ЖАРЫМ АРАЛЫ Батыш Кавказ өңдүрүндө, РСФСРдин Краснодар крайында. Чоң Кавказдын батыш-түн.-батыш уландысы. Кара, Азов деңиздеринин ж-а Керч кысыгынын суулары м-н чулганат. Аянты 2000 *км*². Жээги жапыз, булуң-буйткалуу. Биздин замандын башталышында мында аралдар болгон, 5-к-да шилендилер м-н бириги, жарым аралга айланган. Мурунку аралдар жалча түрүндөгү дөбөлөрдү элестетет. Аларда 25 баткак жанар тоосу жайгашкан. Жалчалар ортосундагы өйдөрдө туздуу көл-лиманлар бар. Т. ж. а-ным көп бөлүгүндө жүгөрү, буудай, жүзүм, жемиш бактар өстүрүлөт.

ТАМАРА (12-к-дын 60-жылдарынын ортосу — 1207) — Грузия ханшасы (1184—1207). Т. падышалык кылган мезгилде Грузия аскердик-саясий ири жеңиштерге жетишкен. Грузия армиясы Шамхордун жанында (1194) азерб-н атабеги Абубекрди ж-а анын союздаштарын, Басиандын жанында (1202) рум султаны Рукнаддинди жеңип, Карсты алып (1204), бүт Закавказьени каратқан. Византиядан тартып алынган жерлерде *Трапезунд империясы* түзүлүп, ал конко чейин Грузиянын саясий тааспринде болгон. Эрзин султаны, Арарум эмири, Хлат султаны ж-а Түн.-Кавказ тоолуктары Грузияның вассалына айланган. Т. закон чыгаруучу ж-а башкаруучу укукту өзү алган, мамл. иштерди мамл. жог. советтин («Дарбазин») катышуусу м-н чечкен. Феод. тартиптерге каршы чыккан көтөрүлүштөрдү аёосуз баскан. Т.-ным түшунда соода, ад-т, иск-во, арх-ра өнүккөн; шаарлар өскөн; кербен жолдор курулган, Россия м-н Грузия ортосунда саясий байланыш түзүлгөн.

Ад.: История Грузии, Тб., 1975.

ТАМАРА ХАНУМ [өз аты-жөнү Тамара Артёмовна **Петросян**, 16(29). 3. 1906-ж. т., Фергана] — өзбек совет бийчиси, ырчы ж-а балетмейстер. СССР эл арт. (1956). 1941-жылдан КПСС мүчөсү. Улуту армян. 1919-жылдан сахнага чыккан. 1925-ж. Москвадагы борб. театр техникумун бүткөн. 1926—28-ж. муз.-этногр. ансамблде (Ташкен) бийчи. 1928—34-ж. Самаркан, Кокон ж. б. муз. драма театрларын уюштуруучулардан. 1935-ж. Лондондо өткөн Эл бийлеринин дүйн. биринчи фестивалына катышкан. 1936-жылдан Өзбек филармониясында артист. Т. өзбектин улуттук балетинин калыптанышына кыйла салым көшүп, айрыкча аялдар бийин өнүктүргөн. Анын репертуарында көп улуттардын ыр-бийлери бар. Англия, Франция, Польша ж. б. өлкөлөрдө гастролдо болгон. Өзбек ССР Жог. Советине (1—3-шайл.) депутат. СССР мамл. сыйл. лауреаты (1941). Ленин ордени, башка 6 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.



Тамара Ханум.

Ад.: Широкая О., Тамара Ханум, Таш., 1973.

ТАМБОВ — РСФСРдин Тамбов облын борбору, шаар. Цна д-нын сол жээгинде. Жолдор тоому. Калкы 270 миң (1979). Машина куруу (хим. жабдуулар, автомобиль, трактор үчүн запас бөлүктөр ж. б.), химия (боёк, резина-асбест буюмдары) ж-а тамак-аш ө. ж-лары иштейт. Эки пл. из., пед., хим. машина куруу ин-ттары ж-а 11 атайын орто окуу жай, драма, кууршак театрлары, сүрөт галереясы, край таануу музейи ж. б. бар. Т. 1636-ж. чеп катары негизделген.

ТАМБОВ КЫЗЫЛ УЮ — сүт-эт багытындагы порода. Жерг. уйду адегенде пашков, кийин тироль ж-а симменталь ую м-н аргындаштыруу аркылуу РСФСРдин Тамбов ж-а Воронеж обл-нда чыгарылган. Порода катары 1948-ж. бекитилген. Чымыр, түрдүү буруусу бар, кээде ала боор кызыл уй. Букасынын тирүү салм. 900—1000 *кг*, инеги 500 *кг*дай. Асыл тукум инегинен жылына орт. 4500, чыгаанынан 7800 *кг*га чейин сүт саалат. Сүтүнүн майлуулугу 3,8—3,9%. Уйдан 54—56% эт чыгат. Эти сапаттуу. Тамбов обл-нда асыралат.

ТАМБОВ ОБЛАСТЫ РСФСРде. 1937-ж. уюшулган. Борб. Кара топурак экон. районунун түн.-чыгышында жайгашкан. Аянты 34,3 миң *км*². Калкы 1390 миң (1979). Областта 22 админ. район, 8 шаар, 13 ш. т. посёлка бар. Борбору — Тамбов ш. Т. о. Ленин ордени м-н сыйланган (1967).

Т. о. Ока-Дон түздүгүнүн борб. бөлүгүндө жайгашкан. Деңсоолорунун үстү тегиз, ал эми ороондору жазы; орт. бийик. 110—115 *м*. Чыгышында Волга бою деңсоосунун чыгыш тармактары (бийик. 214 *м*) жатат. Климаты мелүүн, континенттик. Январдын орт. темп-расы —11°С, июлдуку 19,5—20,5°С. Жылдык жаан-чачыны 450—500 *мм*. Дарыялары Волга (Цна ж-а анын куймалары: Челновая, Керша, Кашма) м-н Дондун (Воронеж, Ворона, Савала, Битюг, Матыра) алабына кирет. Жеринде кара топурак басымдуу. Токойлуу талаа зонасында жатат. Аймагынын 70% айдалган. Токой 10%ин түзөт (мырза карагай, эмен, кайың, бай терек, ольха, липа). Жаныбарлары: аюу, багыш, карышкыр, доңуз, арыс, коён, тыйын чычкан, түрдүү канаттуулар жана башкалар.

Калкынын көбү орус (98,4%), орт. кышт. 1 *км*² жерге 41,4 киши. Шаар калкы 49% (1979). Шаарлары: Тамбов, Мичуринск, Моршанск, Рассказово, Котовск ж. б.

Совет бийлигинин түшүндө Т. о. индустр.-агрардык районго айланды. Ө. ж. структурасында оор ө. ж-ным (машина куруу ж-а металл иштетүү) мааниси чоң. Энергетикасы сырттан алынып келинген отунга негизделген. Машина куруу ж-а металл иштетүү ө. ж. ишканалары: автомобиль ж-а трактор тетиктерин, текстиль ж-а химия ө. ж-ларына жабдуулар, прибор, муздаткыч чыгаруучу, локомотив, вагон ж-а автомобиль ремонттоочу ж. б. Химия (боёк, резина буюмдары, лак, эмаль, пластмасса, фосфор жер семирткич ж. б.), жеңил (жүн, трикотаж, булгаары, мех, тигүү ж. б.), тамак-аш, курулуш материалдар (кирпич, темир-бетон) ө. ж-лары бар. А. ч. дан ж-а мал чарбачылыгына адистешкен. А. ч-га жарактуу жери (миң *га* м-н) 2757,0, анын 2342си айдоо, 283,8и жайыт, 94,7си чабынды. Буудай, кара буудай, арпа, сулу, таруу, кара күрүч, буурчак, кант кызылча, күн карама ж. б. өстүрүлөт. Мал чарбасы сүт-эт багытында. 1979-ж. 667,5 миң уй (сааны 258,1 миң), 890,4 миң чочко, 307,6 миң кой-эчки болгон. Автомобиль жолунун уз. 12,6 миң *км*, т. ж. 789 *км* (1974). 1977—78-окуу жылында 1078 жалпы билим берүүчү мектеп, 36 кесипчилик, 26 атайын орто, 4 жог. окуу жайы болгон. Областта ил. из. ин-ттары (полимердик материалдар үчүн химикаттар, жалпы союздук резина, тех. машина куруу ж. б.), 778 китепкана, 7 музей, драма театры, 936 клуб ж. б. бар. Обл. «Тамбовская правда» (1917-жылдан), «Комсомольское знамя» (1938) газеталары чыгат. 15,7 миң орундуу 158 ооруканада 2,9 миң врач иштеген. 7 санаторий бар.

Ад.: География Тамбовской области, Воронеж, 1973; Зиненко П. Ф., Снытко М. К., Тамбовская область. Очерки экономической географии, Тамбов, 1960.

ТАМГА — 1) графикалык белги же *литера;* 2) *графема* же алфавит бирдиги. Текстте Т. тыбышты эмес, фонеманы туюнтат. Сөздүн тамгага же фонемага ажырашы дайыма эле бири бирине дал келе бербейт. Кээ бир графикалык айкашта же диграфта Т-ным тыбыштык эквиваленти болбой калышы да мүмкүн. Мис., немец графикасында *q* Т-сы *qu* айкашында гана учурайт. Кээде бир эле тыбыш бир нече Т. м-н жазылат. Мис., немецче ч (tsch), ш (sch). Кыргыз алфавитиндеги ь, ъ Т-ларынын тыбыштык эквиваленти жок, ал эми я, ю, ё, е Т-ларынын ар бири экиден тыбыш айкашын туюнтат: йа, йу, йо, йе. Кыргыз алфавити 36 Т-дан турат. Алардын ар биринин эки түрү бар: баш ж-а кичине Т. Т-ны кандайча колдонуу ж-до атайын эрежелер кабыл алынган, к. *Орфография.*

ТАМГА — Ысык-Көл обл-нын Жети-Өгүз р-нундагы Тамга айыл советине караштуу кыштак. «Барскон» с-зунун аймагында. Райондун борбору Покровкадан 50 *км* батыш тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 130 *км*. Калкы 3137 (1979). Үй тиричилик комбинатынын бөлүмү, орто мектеп, мад-т үйү, 2 китепкана, участкалык оорукана, төрөт үйү, О. Азия аскер округунун «Тамга» санаторийи, метеостанция, аэропорт бар.

«ТАМГА»—Ысык-Көл обл-ндагы климаттык ж-а баткак м-н дарылоочу курорт. О. Азия аскер округуна караштуу. Ысык-Көлдүн түш. жээгинде, Пржевальск ш-нан 90 *км*, Жети-Өгүз р-нунун борбору Покровкадан 50 *км* батыш тарапта, Фрунзеден 305 *км* аралыкта, деңиз деңг. 1684 *м* бийиктке жайгашкан. Жай мезгили жылуу (июлдун орт. темп-расы 18°С), кышы жумшак (январдын орт. темп-расы —4°С). Дарылоо факторлору: баткак, жагымдуу климат, көлгө түшүү. Анда кыймылдоо-таяныч аппаратынын, тамак сиңирүү, дем алуу органдарынын ж-а нерв системасынын оорулары дарылайт. Баткак ж-а суу м-н дарылоочу болумдору бар.

ТАМГА БУЛУҢУ Ысык-Көлдүн түштүк жээгинде. Тамга суусунун көлгө куйган жеринен орун алган. Уз. 1 *км*, жазылыгы 0,4—1,5 *км*, аяты 1,5 *км*²ге жакын. Голоценде Тамга суусунун чаты көл астында калуусунан пайда болгон. Үч бурчтук формасында. Жээги кум, шагыл таш м-н капталган. Булуң бийикт. 10—15 *м* болгон тик кашаттар м-н курчалып турат. Терендиги жээктен 200—300 *м* аралыкта 30—35 *м*, Тамга суусунун нугунун көл астындагы улантысында 60—100 *м*. Темп-расы (жайында) 20—21°С. Тоңбойт. Тузд. 5,5—6‰. Жээгине жакын Тамга санаторийи жайгашкан.


ТАМГА ДАРЫ БАТКАК КЕНИ — Ысык-Көл обл-нын Жети-Өгүз р-нундагы дарылык касиети бар баткак жаткан жер. Тамга кыш-нан 8 *км* батыш тарапта. Тамга булунунда. Кенди 1963-ж. Э. П. Просецкий таап, чалгындоо жумуштарын жүргүзгөн. Дары баткак жээкти бойлой көл түбүндө 1—2 *м* терендө ж-а колдун жээгинде жатат. Жээктеги дары баткак кумай топурактын 0,4 *м* астында жайгашкан. Калың. 0,5 *м;* оңү каралжын, боз, ийилгичтик касиети начар, составында орг. заттар аз (0,47%), 100 *г* баткакта 2—16 *мг* күкүрттүү суутек бар, pH 7,7—8,2. Көл түбүндөгү дары баткак жука балыр кабатчанын астында. Калың. 0,1—0,2 *м*. Күкүрттүү суутек жыттанган кара ж-а каралжын түстөгү илээшкек ылайдан турат. Баткактын кара түсү составындагы күкүрттүү темирдин арбындыгына (100 *гда* 340—350 *мг*) байланыштуу. Күкүрттүү суутек 100 *г* баткакта 190 *мг*, орг. заттар 1,67%ке чейин. Баткак эритиндисиндеги pH 8,5. Баткактагы микроэлементтерден стронций (0,1%) м-н марганец (0,09%) басымдуулук кылат. Булардан башка коргошун, калай, никель, жез, хром, литий, титан бар. Кендин чалгындалган аянты 3000 *м*², запасы 40,9 миң *т*. Кендин баткагы негизинен Тамга санаторийинде ж-а Жети-Өгүз р-нунун дарылоо мекемелеринде пайдаланылат.

Ад.: Мельникова З. И. [и др.]. Лечебные грязи Киргизской ССР, Тр. Киргизского научно-исследовательского института курортологии и физиотерапии, Фр., 1973.

ТАМГА-ТЕРЕК — Ош обл-нын Алай р-нундагы Будалык айыл советине караштуу кыштак. Ленин атн. с-здун аймагында. Райондун борбору Гүлчөдөн 9 *км* чыгыш тарапта. Ош ш-нан 91 *км*. Калкы 729 (1979). Сегиз жылдык мектеп, китепкана бар.

ТАМЕКИ (Nicotiana) — ит жүзүмдөр тукумундагы бир ж-а көп жылдык бадал ж-а чөп сымал өсүмдүк уруусу. Ири жалбырактуу. Гүлү ар кыл түстүү, мөмөсү чанак, уругу майда. Америкада, Австралияда 60тан ашык, СССРде 2 түрү белгилүү. Айрым учурда эл арасында жапайы тыныгы Т. ж-а токой Т-нин жалбырагы

Тамеки сорттору: 1 — Дюбек 44; 2 — Шиш уч Б-2747.



чылымга колдонулат. Т-нин эгилме түрү кеңири өстүрүлөт, Т. көбүнчө бир жылдык өсүмдүк катары айдалат. Сабагы жумуру, түз, бийикт. 2,5 *м*дей, баш жагы бутактама. Жалбырагы жашыл, сары же саргыч, сүйрү же тегерек формада, сабакка катарлаш тыгыз жайгашат. Топ гүлү кызгылт, ак, кызыл түстүү; мөмөсү чанак. бозомук, күрөң, майда уруктуу. 1000 данынын салм. 60—80 *мг*. Вегетация мезгили 135—170 күн. Жылуучул, нымчыл, авык затты көп керектейт. Коңур, кара топуракта жакшы өсөт. Т. жалбырагынан чылым ж. б. жасалат. Т-нин сапаты андагы белок, углевод, никотин ж-а эфир майынын санына жараша болот. Уругунда техникада колдонууга жарактуу май бар.

Т. Америкада Европага белгилүү боло электе мурда эле өстүрүлгөн. Европага 1496-жылдары алып келинип, адегенде кооздук ж-а дарылык үчүн өрилген. Россияда Т. 17-к-да пайда болгон. Т. көчөтүнөн катарлап тигүү жолу м-н өстүрүлөт. 1 *га* жерге 50—200 миң өсүмдүк отургузулат. Жалбырагы 5—8 жолу жыйналат. Т. жалбырагы 25—30°С колоко сарайда, андан кийин күндө же жылыткычта кургатылат. Мыкты сорттору: Переможец, Шиш уч Б-2747, Трапезунд 1867, Американ 287-С, Самсун 417, Дюбек 44 ж. б. Зыянкечи: тамеки трипси, тамеки бити, тамеки көпөлөгү, күзгү көпөлөк, кыл курт. Илдети: чаңгыл кебер, тамыр кара чиригн, тамеки темгили ж. б. Кырг-нда Т. 1929-жылдан а. чарбага кеңири киргизилип, Талас өрөөнүндө, Ош областынын айрым райондорунда айдалууда.

Ад. к. *Тамекичилик* макаласынан.

ТАМЕКИ ӨНӨР ЖАЙЫ — тамеки ж-а махорка сырьёсун даярдоочу ж-а тамеки чыгаруучу тамак-аш ө. ж. тармагы. Тамеки чыгаруучу фабрикалар алгач ирет 17-к-да Англия м-н Голландияда пайда болгон. Россияда 18-к-дын башында өнүгүп, 1860-ж. тамеки жасоочу ишканалардын саны 551ге жеткен. Улуу Ата Мек. согуш (1941—45) жылдары эвакуацияланган ишканалардын негизинде Волга боюнда, Уралда, Сибирде фабрикалар курулат. Акыркы жылдарда сигарета, айрыкча фильтрлүү сигарета чыгаруу кеңири өнүгүүдө. Тамеки өндүрүү б-ча СССР дүйнөдө 3-орунда (1975). Ири тамеки ф-калары: Ленинграддагы Урицкий атн., Ростов ф-касы, Москвадагы «Ява», «Дукат» ж. б. Кырг-нда тамеки ферменттөөчү үч завод иштейт. 1975-ж. СССРде 286,7 миң *т* тамеки сырьёсу даярдалган.

ТАМЕКИ ТАРТУУ — турмушта кездешүүчү *баңгиликтин* түрү (никотинизм). Тамекинин Х. *Колумб* 15-к-да Америкадан биринчи болуп Испания м-н Португалияга алып келген. 16-к-да Франциянын Португалиядагы элчиси Ж. Нико (ошондон «никотин») өзүнүн королевасына дарылануу үчүн белекке бергенден кийин Францияга Т. т. тараган. Пётр I Голландиядан Т. т-ну үйрөнүп келип, Россияда тамеки сатууга уруксат берген. Т. т-га



И. Е. Тамм.



А. Таммсааре.

бат эле көнүп калууга болот. Ал организмге ото ыяндуу таасир тийгизет. Мис., *кариес, стоматит, гастрит, карындын жана он эки эли ичегинин жарасы, гипертония оорусу, эндартериит, бронхит* ж. б-га алып келет. Т. т-чулар арасында өпкөнүн рак оорусу 20 эсе көп учурайт. Тамекини өзгөчө боюнда бар аялдар тартпоо керек, ал *түйүлдукту* уулантат. Тамекини биринчи тартканда көңүл карацылап, баш айланып, жүрөк лакылдап, кол, бут тырышат, кан басымы көтөрүлөт. Никотинизмди дарылоодо психотерапия ж-а дарылар колдонулат.

Лит.: Стойко А. Г., Хронический никотинизм (табакокурение) и его лечение, М., 1958.

ТАМЕКИ ТИЗҮҮЧУ МАШИНА тамеки жалбырагын мех. жол м-н жипке тизет. СССРде стационардуу «Комсомолец-М» ж-а ТВМ-МЗГ машинасы чыгарылат. Кургаткыч сарайга орнотулуп, 5—8ден тобу м-н урунулат. «Комсомолец-М» машинасы жылдыруучу ж-а белгиловчу транспортёрдон, көзөгүч механизмден, жиптин узундугун ж-а өтүшүн жөнгө салуучу тетиктерден турат. Төмөнкүчө иштейт: тамекинин жалбырагы топ-тобу м-н узунунан жыйналып, машинадагы жылдыруучу транспортёрго коюлат. Жип белгилүү узундукка жеткенде механизм токтоп, жалбырак топтолот. Өндүрүмдүүлүгү саатына 203 *м* жип. 2 киши тейлейт.

ТАМЕКИ ТРИПСИ (Thrips tabaci) — спиркелөөчү трипстер (ысыркек буттуулар) түркүмүндөгү курт-кумурска; тамекинин коркунучтуу зыянкечи.

ТАМЕКИЧИЛИК — дыйканчылыктын бир тармагы; тамеки өстүрүү. Тамеки дүйнөдө 100дөй өлкөдө (АКШ, Австралия, Испания, Франция, Германия, Италия, Кытай, Индия, Индонезия, Түркия ж. б.) эгилип, жылына 5 млн га чейин дың түшүм алынат. СССРде РСФСР, Грузия, Азерб-н, Армения, Өзб-н, Каз-н, Кырг-нда эгилет. 1978-ж. СССРде тамекиден түшкөн киреше 750 млн сомду түзгөн. Тамекинин түшүмдүүлүгүн жогорулатуу ж-а сапатын жакшыртуу жер иштөөгө, комплекстүү механикалаштырууну кеңири колдонууга, жаңы сорторду чыгарууга ж. б-га байланыштуу. Кырг-нда тамеки 1899-жылдан эгиле баштап, насыбай жасоого ректелген. 1924-ж. тамеки 300—350 *га* аянтты ээлеген. Респ-када алгач «Киргизия» тамеки с-зу уюшулган. Т-тин өсүшүнө байланыштуу тамеки чыгаруучу о. ж. өнүгө баштаган. 1932-ж. Фрунзе тамеки-ферменттөө з-ду, 1935-ж. тамеки ф-касы уюштурулган. Тамеки Талас өрөөнү м-н Ош обл-нын айрым райондорунда айдалат. 1979-ж. 14,9 миң *га* жерге эгилип, 30,0 миң *т* жалбырак жыйналган. Респ-када тамекинин Дюбек 44-07, Самсун 4-28, Американ 287-С, Талгар 25 сорттору өстүрүлөт.

Лит.: Леонов И. П., Петренко А. Г., Псарев Г. М., Пособие для табаководов, М., 1968.

ТАМИЛДЕР — Түш. Азиядагы эл. Индия, Шри-Ланка, Малайзия, Бирма, Сингапур, Австралия ж-а Океанияда жашайт. Саны 47 млн (1975). Тамил тилинде сүйлөшөт. Көбү — индуизм, азы — ислам динин тутат. Т. антроп-ялык жактан түш.-индия расасына кирет. Дравиддер (негизинен Түш. Индияны мекендеген *телугулар*, малааляли, каннара ж. б. элдер) м-н байланыштуу келип чыккан. Б. з. ч. 3-к-да эле Т-дин Чола, Чера ж-а Пандья мамлекеттери белгилүү болгон. 14-к-да Тамилнад («тамиль жери») Вижаянагар империясынын бир бөлүгүнө айланган. Т-дин 80%и а. ч-да иштейт. Кол өнөрчүлүк, иско өнүккөн.

ТАМИЛНАД (1969-жылга чейин — Мадрас) — Түш. Индиядагы штат. Инди океанындагы Бенгал булуңунун жээгинде. Аянты 130 миң *км*². Калкы 44,7 млн (1973). Админ. борбору — Мадрас ш. Т. — калк жыш жайгашкан штаттардын бири. Калкынын көбү а. ч-да эмгектенет. Негизги тармагы — дыйканчылык. Жеринин 7 млн *гасы* иштетилет. Шалы, жүгөрү, жовар, бажара, буурчак, арахис, пахта, тамеки, каучук, кофе, чай, кокос пальмасы өстүрүлөт. Мал багылат. Текстиль, тамак-аш, булгаары, машина куруу, кара металлургия о. ж. иштеп канадары бар. Т. — ири курулуш материалдарды (цемент) чыгаруучу борбор. 1960—70-жылдары СССРдин жардамы м-н Нейвели комплекси ж-а алюминий з-ду курулган. Негизги о. ж. борбору ж-а порту — Мадрас.

ТАММ Игорь Евгеньевич [26. 6(8. 7). 1895, Владивосток — 12. 4. 1971, Москва] — сов. физик, СССР ИАнын акад. (1953; корр. мүчөсү, 1933), Соц. Эмг. Баатыры (1953). 1918-ж. МГУну бүтүргөн. 1934-жылдан СССР ИАнын Физика ин-тунда иштеген. Анын негизги эмгектери квант теориясына ж-а анын колдонулушуна, нурлануу теориясына, космос нурларынын теориясына ж-а ядро бөлүкчөлөрүнүн оз ара аракеттенишине арналган. 1934-ж. ядро күчүнүн сандык теориясын сунуш кылып, аны матем. жактан оркундөткөн. 1937-ж. И. М. Франк м-н бирге чойродо тез кыймылдоочу электрондун нурлануу теориясын түзгөн. «Электр теориясынын негиздеринин» автору (1929, 8-бас., 1966). Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. СССР Мамл. сыйл. (1946, 1953), Нобель сыйл. (1958) лауреаты.

ТАММСААРЕ Антон (чын фамилиясы — Хансен) [18(30). 1. 1878, Альбу волосту, азыркы ЭССР, Пайде р-ну — 1. 3. 1940, Таллин] — эстон жазуучусу, сынчыл реализмдин окуучу. Тарту ун-тинен окуган (1907—11). Чыг-лары 1900-жылдан жарыялана баштаган. Т-нин эң мыкты чыг-лары — «Чындык жана адилеттик» (1926—33) деген беш том эпопея ж-а «Пеклалык Жаңы каанын» (1939) аттуу роман. Эпопеясында 19-к-дын 70-жылдарынан берки эстон коомунун өсүш жолу көрсөтүлөт; романда капитализм мезгилиндеги эстон элет жери гротеск формасындагы филос. сатира м-н сыпдалат. Анын динге каршы жазылган «Юдифь» (1921) деген психол. драмасы, Батыш Европадагы фаш. диктатуранын ишин аткерелеген «Падыша чыйрыгат» (1936) деген сатиралык памфлети да бар. Т-нин романдарына эпикалык кеңдик, жыш учураган лирикалык ж-а юмордук эпизоддор, каармандардын психологиясын терең анализдөө мүнөздүү. Чыг-лары көп тилдерге которулган.

Чыг.: в рус. пер. — Собр. соч., т. 1—6, М., 1966—68.

Лит.: Очерк истории эстонской советской литературы, М., 1971.

ТАМОЖНЯ, бажыкана — чек ара аркылуу жүк ташууну (аның ичинде багаж, почта) көзөмөлдөөчү ж-а Тлык пошлина (бажы) жыйноочу мамл. уюм. Ал Т-лык эреже бузгандардан штраф алат, товар бара турган мамлекеттин закону б-ча ал товарды алып кирүүгө тыюу салынган болсо, жүктү карман, товар алып кирүүнү ж-а чыгарууну эсепке алат да, чек арадан өтүүчү товарды убактылуу сактайт. Сов. Т. 1918-ж. майда уюшулган. Аны финансы эл комиссары башкарган. 1918-ж. июнда Т. финансы эл комиссариатынан соода ж-а о. ж. өндүрүш мин-восуна берилген. Азыр СССР тышкы соода мин-восуна баш нот. Т-нын иш аракети 1964-жылкы *Таможнялык кодекс* м-н жөнгө салынат.

ТАМОЖНЯЛЫК КОДЕКС, бажы кодекси — СССРде таможнялык органдардын уюшулушун, иш-аракетин жөнгө салуучу, жүк текшерүү ж-а сактоо, таможнялык пошлина (бажы) алуу ж. б. б-ча эрежелерди бекитүүчү системаланган закондор актысы. Т. к. СССР Жог. Советинин Президиумунун 1964-ж. 5-майдагы Указы м-н бекитилген (ага чейин 1928-жылкы Т. к. болгон). Ал 3 бөлүмдөн, 120 статьядан турат. Чек ара аркылуу т. ж., автомобиль, суу, аба транспорту м-н ташылуучу жүктү, чек ара аркылуу өтүүчү адамдардын буюмдарын, эл аралык почтаны ж. б. текшерүүнүн эрежелерин белгилейт. Таможнялык эрежени бузгандык ж-а контрабанда үчүн Т. к. адмн. же уголовный жоопкерчилик белгилейт.

ТАМПЕРЕ, Таммерфорс — Финляндиянын түш.-батышындагы шаар. Хяме ляпасында (губерния). Ө. ж-лык маанеси ж-а калкынын саны б-ча Хельсинкиден кийинки 2-шаар. Калкы шаар айланасы м-н 250 миң (1977). Жолдор тоому, көл порту. Машина куруу, текстиль, целлюлоза-кагаз, химия, булгаары-бут кийим о. ж-лары ж-а ГЭС иштейт. Ун-т (1925-жылдан), технол. ун-т (1965), эсептөө борбору (1966), В. И. Ленин дин музейи бар. Т-де *РСДРПнин 1-(Таммерфорс) конференциясы* (1905) өткөн. Шаар 1405-ж. негизделген.

ТАМПОНАЖ (фр. tampon — тыгын) — тоо тектердин жарака-жылчыктарын ж-а көңдөйлөрүн цемент, суюк айнек, чопо же битум эритмелери м-н толтуруп (басым астында) массивдердин туруктуулук ж-а суу өткөрбөө касиеттерин арттыруу процесси. Т. кен казуу иштеринде (тоо тек басымы зор болгон абалда), жер астындагы сууларды тоо-кен казмаларына киргизбөө же массивдин (тектердин) урап кетпеси үчүн жүргүзүлөт. Т-дын эритме материалдарына карата тоо тектерди цементтөө, битумдоо, силикаттоо, чополоо түрлөрү ж-а айкалышкан Т. колдонулат.

ТАМСИЛ — адамдардын кулк-мүнөзүн, кылык-жоругун каймана түрдө сатиралык жалпылоо аркылуу көрсөтчү ад-ттык кыска жанр. Т. көбүнчө ыр формасында болот да, притча м-н апологго жакын келет. Т-ге каарман катары айбанаттар, өсүмдүктөр, буюмдар алынат. Т-дин башында же аягында правалык маанидеги афоризм (учкул сөз) болот. Т. ад-ттын байыркы жанрларынан. Байыркы Грецияда — Эзоп (б. з. ч. 6—5-к.), Римде Федр (б. з. 1-к.) сыяктуу Т-чилер болгон. Ж. Лафонтен — жаңы замандын белгилүү Т-чиси (17-к.). Россияда Т. жанрын А. П. Сумароков, И. И. Хемницер, А. Е. Измайловдор өнүктүргөн. И. А. Крыловдун юморго сугарылган реалисттик Т-дери Россияда бул жанрды жог. бийиктикке көтөргөн. Совет ад-тында Т-дин мыкты үлгүлөрүн Д. Бедный, С. Михалков, Ф. Кривин өндүү жазуучулар жараткан. Кыргыз ад-тында Тоголок Молдо, М. Борбугулов, М. Турсуналиевдердин Т-дери белгилүү.


Лит.: Потебня А. А., Из лекций по теории словесности. Басня, пословица, поговорка, 3 изд., Хар., 1930.

ТАМ ЧАМГАРАК, к. *Купол.*

ТАМЧЫ — Ысык-Көл обл-нын Ысык-Көл р-нундагы Тамчы айыл советине караштуу кыштак. «Тамчы» с-зунун борбору. Рыбачье — Пржевальск автомобиль жолунун боюнда. Райондун борбору Чолпон-Ата ш-нан 37 *км* батыш тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 43 *км*. Калкы 1160 (1979). Орто мектеп, китепкана, клуб, оорукана бар. Т-га жакын жерде ири аэропорт курулууда (1978).

ТАМЧЫ АНАЛИЗИ — сапаттык ж-а жарым-жартылай сандык анализдин методу. Мында изилденүүчү эритменин ж-а реагенттердин бир нече тамчысы алынат. Реакция чышка кагаздын же атайын пластинканын бетине тамчылатуу м-н жүргүзүлүп, мүнөздүү түстөрү б-ча иондор аныкталат. Т. а. өтө сезгич келип, оңой ж-а бат жүргүзүлөт. Көбүнчө талаа шартында руда, минералдарды ж-а биохим. талдоодо кеңири колдонулат.


ТАМЫР — татаал түзүлүштүү өсүмдүктөрдүн (мохтордон башка) вегетатив органдарынын бири. Ал топуракка бекүү, андан сууну ж-а азык заттарын алуу, орг. заттарды түзүү, аны өсүмдүктүн башка органдарына (сабак, жалбырак, мөмөлөргө ж. б.) өткөрүү, айрым өсүмдүктөрдө вегетатив көбөйүү кызматын аткарат. Т. уруктун түйүлдүгүндө эле калыптанып, урук өнгөндө өсүп, башкы тамырга айланат. Т. учунан уларып бутактанат. Көп өсүмдүктөрдүн негизги ж-а каптал Т-ларынан башка көмөкчү (к. *Адвентивдик органдар*) Т-лары болот. Т-дын учун Т. калпакчасы каптап турат. Ал Т-дын учундагы меристема тканын тышкы мех. таасирлерден коргойт. Т-дын тамыр калпакчасынан кийинки болүгү 4 зонага (болүнүү, өсүү же чоюлуу, сиңирүү же соруу ж-а өткөрүү же каптал Т-лар) болүнөт (1-сүрөт). Эки улуштүү өсүмдүктөрдүн Т-ында *камбий* деп



1-сүрөт. Тамырдын узунунан кесилиши: К — тамыр калпакчасы; I — болүнүү зонасы; II — өсүү же чоюлуу зонасы; III — сиңирүү зонасы; IV — өткөрүү же каптал тамырлар зонасы.

аталган *меристема* ткапы калыптанат. Анын клетkалары бөлүнүп, ич жакка ксилеманын, сырт жакка *флоэманын* клетkаларын пайда кылып турат. Натыйжада Т. жоонюп өсүп, экинчи түзүлүшкө өтөт, алар Т-дын скелетин түзөт. Өсүмдүктүн негизги, каптал ж-а көмөкчү тамырлары жалпысынан Т. системасы деп аталат.

Т. системасы негизинен эки түрдүү: сөңгөктүү ж-а чачыдай (2-сүрөт). Сөңгөктүү Т. системасында башкы тамыр түйүлдүктүн тамырчасынан калыптанат да, каптал тамырларга караганда жоон ж-а узун болуп өсөт. Ал эки үлүштүүлөрдүн көпчүлүгүнө мүнөздүү. Чачыдай Т. системасы бут бойдон бирдей жоондуктагы каптал ж-а көмөкчү Т-лардан турат. Т. системасының өлчөмү өсүмдүктүн *тиричилик формаларына*



2-сүрөт. Тамыр системаларының ж-а тамырдын түрлөрү: *1, 4* — сөңгөктүү тамыр; *5* — чачыдай тамыр; *2, 3* — азык тамырлар (сабиздин ж-а кызылчанын тамырлары).

(дарак, бадал, чөп) ж-а өскөн чөйрөнүн шарттарына жараша болот. Суудда өскөн ж-а мите өсүмдүктөрдүн Т-ы начар өөрчүсө, кургактагы өсүмдүктөрдүн Т. системасы жакшы өөрчүгөн. Көп өсүмдүктөрдүн Т-ларын эл чарбасында кеңири пайдаланылат, бир катары адамга азык, малга тоют болсо, тутумунда кант, крахмал, май, алкалоид, гуттаперча, ашатуучу, боёочу ж. б. заттар барлары медицинада ж-а о. ж-да колдонулат.

Лит.: Сабинин Д. А., Физиологические основы питания растений, М., 1955; Эсау К., Анатомия растений, пер. с англ., М., 1969.

ТАМЫР (математикада). 1) *a* санынын *n*-даражадагы тамыры (белгилениши $\sqrt[n]{a}$) деп, *n*-даражасы *a* га барабар *x* саны айтылат, б. а. $x^n = a$. Т-ды табуу амалы тамырдан чыгаруу деп аталат. $a \neq 0$ болсо, Т-дын *n* ар кандай мааниси болот. Квадраттык тамырдын көрсөткүчү жазылбайт. 2) $a_0x^n + a_1x^{n-1} + \ldots + a_n = 0$ түрүндөгү алгебр. теңдеменин Т-ы деп *x* аргументинин бул теңдеми теңдештикке айландыруучу сандык мааниси аталат.

ТАМЫР БАСЫМЫ — өсүмдүктүн тамырынын өткөргүч түтүктөрүндө пайда болуучу басым. Т. б. м-н *транспирация* өсүмдүктөгү суунун ж-а анда эриген заттардын сөңгөк, сабак аркылуу жалбырактарга өтүшүн шарттайт. Т. б. *осмос* кубулушунун негизинде пайда болуп, көбүнчө 1—3 *ат* өлчөмүндө болот, сейрек учурда 10 *ат*га чейин көтөрүлөт. Ал күндүз жогорулап, түнкүсүн төмөндөйт. Темп-ра төмөндөгөндө же кычкылтек жетишпеген учурда Т. б. төмөндөйт. Өсүмдүктөрдү үшүк алып же аптап уруп, тиричилик касиетин жоготкондо Т. б. нолго барабар болот.

ТАМЫР БУТТУУЛАР (Rhizopoda) — жөнөкөй жаныбарлар классчасы. Алардын кыймылга келтирчү ж-а тамак кармоочу жалган буттары — цитоплазмалык өсүндүлөрү болот. Денеси ар кандай формада, чоңдукта ж-а эки катмардан (сырткы жука — эктоплазма, ички ядролуу — эндоплазма) турат. Т. б-га *амёбалар*, үлүлдүү

амёба, *фораминифералар*, радиолярилар ж. б. кирет. Алар агын ж-а деңиз сууларында жашайт.

ТАМЫРДАН ЧЫГАРУУ — даражага көтөрүү амалына тескери алгебр. амал; a санынан n-даражадагы тамыр чыгаруу бул n-даражага көтөргөндө берилген ($x^n=a$) санын берүүчү x санын табуу. Мында x — тамыр, n — тамырдын көрсөткүчү, a — тамыр алдындагы туюнтма. Комплекстүү сандардын талаасында a санынын n-даражадагы тамыры n маанинге ээ, алар:

$$\sqrt[n]{a}=\sqrt[n]{|a|}\left(\cos\frac{\varphi+2\pi k}{n}+i\sin\frac{\varphi+2\pi k}{n}\right)$$

формуласы б-ча табылат, мында $|a|=a$ санынын модулу, φ—анын аргументи, $k=0, 1, 2, ..., (n-1)$.

ТАМЫР КҮЧАЛА (Eminium)—өсүмдүктөрдүн ароиддер тукумунун уруусу. Көп жылдык чөп. Жер астындагы сабагы — түймөк, гүлдөрү бир жыныстуу, гүл коргонсуз, сото сымал топ гүлдү түзүшөт. Сотосунун төмөн жагында аналык, жогору жагында аталык, алардын ортосунда өөрчүп жетилбеген гүлдөр жайгашкан. Жалбырагынын төмөн бөлүгү түтүктөй, жогору жагы жазы, ички бети кочкул көгүш-кызыл баркыт сыяктуу. СССРдө 3 түрү (О. Азияда гана) кездешет. Кырг-нда бир түрү — регель Т. к-сы Чаткал, Фергана, Түркстан тоо кыркаларынын этегиндеги чаптарда өсөт. Ал — уулуу өсүмдүк; жерг. эл көбүнчө түймөгүн дарылыкка пайдаланат.

ТАМЫР-САБАК — көп жылдык чөп өсүмдүктөрүнүн жер алдында өсүүчү сабагы. Сыртынан тамырга окшош, бирок андан түрү сымал майда жалбыракча, бүчүр, көмөкчү тамырынын болгондугу ж-а учунда тамыр капкачасынын жоктугу м-н айырмаланат. Т.-с. вегетациялык көбөйүү кызматын да аткарат. Анын мүүндарындагы бүчүрлөрдөн жер үстүнө өркүндөр өсүп чыгып, бара-бара эски муун аралыктар өлөт да, пайда болгон өркүндөр өзүнчө өсүмдүк болот.

ТАМЫР ТУУРАГЫЧ — тоюттук момо тамырды майдалап туурачу машина. СССРде КПИ-4 Т. т. чыгарылат. Негизги тетиктери — жүктөгүч бункер, майдалагыч камера, бычактуу шилеме дискалар. Т. т-ты жонго салып үчүн үстүнкү дискага эки алмаштырма бычак орнотулат. Машина иштеп жатканда капкагы бек жабылат. Тамырды кесек тууроо үчүн үстүнкү гана диска м-н айланма тишсиз бычак орнотулат. Тоютту майда тууроо үчүн эки диска, тең айланма тиштүү бычак колдонулат. Майдаланган тоют шилеме дискага түшүп ыргытылат да, транспортко салынат. КПИ-4 Т. т-тын өндүрүмдүүлүгү 4—7 *т/с*, 3 жумушчу тейлейт.

ТАМЫР ЧИРИГИ — өсүмдүктүн кеңири тараган тутумдаш илдети. Ал дан эгиндин, жүгөрүнүн, гозонун, кызылчанын ж-а чанактуу өсүмдүктүн өнүмүн зыянга учуратат. Дан эгиндин Т. ч. бардык жерде кездешет. Митеси кыртыштагы өсүмдүк калдыгында, кээси көчөттө жашайт. Айрыкча илдеттүү үрөндүн өнүмү сапатсыз, жерг. шартка туруксуз, агротехника жетишсиз жүргүзүлгөн өсүмдүк Т. ч-не чалдыгат. Илдеттин белгиси козгогучтун түрүнө жараша ар кыл болот. Мис., фузариоз м-н жабыркаган өсүмдүктүн тамырга жакын түп сабагы бозорот. Гозо мите козу карын илдетинде тамыры саргаят же каарат да, өсүмдүк чирийт. Чанактуу өсүмдүктүн тамыры адегенде барсайып, кийин кара так түшүп, солуйт. Күрөш чарасы: жерди терең айдоо, туура которуштуруп эгүү, минерал жер семирткич колдонуу; илдетке туруктуу сорт, гибрид чыгаруу; отоо чөптү жок кылуу; себүү, тигүү мөөнөтүн туура сактоо; үрөндү илдеттен тазалоо.

ТАМЫРЧЫ — элдик медицинада тамырдын кагышына жараша ооруунун аныктоочу дарыгер, к. *Табыпчылык*.

ТАНА — бир жашар эркек торпок, к. *Уй*.

ТАНАКА МЕМОРАНДУМУ — Япониянын премьер-министри Г. Танака түзгөн (1927) жашырын документ; япон империализминин тышкы саясий агрессиясынын программасын айкындаган. Биринчи кезекте Түн.-Чыгыш Кытайды ж-а Монголияны, андан соң Бүткүл Кытайды, Түш.-Чыгыш Азия, Кичи ж-а Борб. Азия, Европа өлкөлөрүн каратуу милдетин койгон. Т. м-нда СССРге каршы согушуу чакырыгы да болгон.

ТАНАНАЕВ Иван Владимирович [22.5(4. 6). 1904-ж. т., Серповой кыш., азыркы Тамбов обл., Морша р-ну] — сов. химик, СССР ИАнын акад. (1958; корр. мүчө, 1946). 1942-жылдан КПСС мүчөсү. Киев политех. ин-тун бүтүрүп (1925), ошол жерде 1934-жылга чейин иштеген. Кийин СССР ИАнын Н. С. Курнаков атн. Жалпы ж-а орг. эмес химия ин-тунда (1939-жылдан лабор-я, 1949-жылдан бөлүм башчы), ошол эле мезгилде Москва инженердик-физ. ж-а Москва кылдат хим. технол. ин-ттарында кафедра башчы. 1965-жылдан «Неорганические материалы» журналынын башкы редактору. Анын эмгектери сейрек элементтер химиясына, айрыкча алардын фторид, ферроцианид ж-а фосфаттарына, колдонушуна ж. б. арналган. СССР мамл. сыйл. (1949, 1951, 1971) лауреаты. Эки Ленин ордени, башка 4 орден, Д. И. Менделеев атн. алтын медаль (1973) ж. б. медалдар м-н сыйланган. Кыргыз кадрларын даярдоодо салымы бар.

Чыг.: Химия фтористых соединений актинидов, М., 1963 (совм. с др.); Химия ферроцианидов, М., 1971 (совм. с др.).

ТАНАНАРИВЕ — Мадагаскар Демокр. Респ-касынын борбор шаары, к. *Антананариву*.

ТАНАЦЕТУМ (Tanacetum) — өсүмдүктүн татаал гүлдүүлөр тукумунун уруусу. Айчыктуу жалбырактары кезектешип жайгашкан. Сары, тил сымал ж-а түтүкчө гүлдөн турган себетчеси калкан сымал татаал топ гүлө чогулган, кээде жалгыздан. Мөмөсү — урукча. Т-дун 50; СССРде 31 түрү (Кырг-нда 4) кездешет. Анын ичинен кадимки Т.



Танацетум: *а* — ортоңку гүл; *б*— четки гүл.

СССРдин бүт аймагында үйгө ж-а жолго жакын жерлерде, шалбаа, токойлуу талаа ж-а суу жээктеринде өсөт. Анын жалбырак ж-а гүлүндө эфир майы, өңдөөчү зат ж-а алкалоид бар. Медицинада колдонулат. Мал жесе уугат.

ТАНБУР (өзбек, тажикче — тамбур, фарсча — тенбур) — кылдуу чертме муз. аспап. Т. жыгачтан чабылат. Тулку алмурут сымал, мойну узун. Жалпы уз. 1100—1300 *мм*. 3 кылдуу. Плектр м-н чертилет.

ТАНГАНЬЙКА — Чыгыш Африкадагы көл; Танзания, Замбия ж-а Бурундинин чегинде жатат. Уз. 650 *км*, туурасы 40—80 *км*. Аянты 34 миң *км*². Чыгыш Африка жаракалуу зонанын тектоникалык ороонүндө 773 *м* бийикте жайгашкан. Эң терең жери түш. болүгүндө 1470 *м* (Байкалдан кийинки терең көл). Алабынын аянты 244,5 миң *км*². Негизги куймалары — Малагараси ж-а Рузизи. Суунун көп жылдык термелүү амплитудасы 4 *м*. Суунун бетинин жылдык темпрасы 23—26,5°С, 400 *м* терендикте 23°С. Фаунасынын 75% эндемиктер. Крокодил, бегемот, сууда сүзүүчү канаттуулар бар. Балык кармалат. Кеме жүрөт. Порттору: Кигома (Танзания), Бужумбура (Бурунди), Калима (Заир). Көлдү 1858-ж. англ. саякатчылар Р. Бёртон м-н Ж. Спик изилдешкен.

ТАНГЕНС (лат. tangens — жануучу) — тригонометриялык функциялардын бири. Тик бурчтуу үч бурчтукта α тар бурчтун Т-н — ал бурчка карама-каршы жаткан катеттин жанаша жаткан катетке болгон катышы. Белгилениши $\mathrm{tg}\alpha$.

ТАНГЕНСОЙДА—аргументинин (бурчунун) өзгөрүшүнө жараша тангенстин өзгөрүшүн сүрөттөөчү жалпак ийри сызык. Т. *Ox* огу б-ча light өсөлүү кылып жылдыруудан алынган чексиз көп айрым конгруэнттүү ийри сызыктан турат. Т. *Ox* огун $\pm n\pi$ (же $\pm 180°n$) чекиттерде кесип өтөт, мында $n=0, 1, 2...$

ТАНГЕНСТЕР ТЕОРЕМАСЫ — $n^{\text{ч}}$ бурчтуктун эки жагынын узундуктары м-н аларга карама-каршы жаткан бурчтардын жарым айырмасынын ж-а жарым суммасынын тангенстеринин катышын байланыштырган тригонометрлик формула

$$\frac{a-b}{a+b}=\frac{\mathrm{tg}\frac{A-B}{2}}{\mathrm{tg}\frac{A+B}{2}},$$

мында a, b — үч бурчтуктун жактары, A, B — аларга карама-каршы жаткан бурчтар.

ТАНГЭ Кэндзо (4. 9. 1913-ж. т., Имабари) — япон архитектору. Арх-ралык билимди Токио ун-тинен алган (1938-ж. бүткөн). О. кылымдагы япон арх-расынын ыктарын чыг-лык м-н кайра иштеп чыгууга негизделген Хиросима ш-ндагы Тынчтык мемориал борбору (1949—56) анын дагы чыгарды. 1950—60-ж. Ле Корбюзьенин «жаңы пластициминен» ж-а брутализмден таасирленип, образдын олбурлуу күчү, көлөмдүн скульптуралык ачыктыгы м-н айырмаланган чыг-ларды (Курасики ш-ндагы зал, 1960) жаратkан; тепкичтердин бурулушунда чоң аянтчалуу конструкциялардын экспрессивдүү мүмкүнчүлүгүн (Токио ш-ндагы «Гимназиум») пайдаланган. 1961-ж. Токио булуңунун үстүндө атайын конструкцияларга негизделген шаар курулушунун өнүгүшүнө шарт түзүүчү Токиону реконструкциялоонун долбоорун негиздеген.

ТАНДОО биологияда, к. *Жасалма тандоо, Табигый тандалуу*.

ТАНДООЧУ ТЕЛЕФОН БАЙЛАНЫШЫ — көп сандаган телефон аппаратын жалпы электр байланыш тизмегине жарыш туташтыруу аркылуу абонеттерди (сүйлөшүүчү кишилерди) борб. пункт м-н ж-а бири бири м-н өз ара оперативдүү байланыштыруучу телефон байланыш системасы. Т. т. б-нда ар бир пункт өз алдынча же пункттардын тобу, же бардык пункттар бир мезгилде байланыштырылат. Т. т. б-нын системасы: башкаруу станциясынан бир гана багыт б-ча пункттарды тандап чакыруучу ж-а ар бир пункт каалаган пунктту тандап чакыруучу болуп айырмаланат. Т. т. б. пункттар сыйкыту жайгашуусу ж-а алардын аралыгы алыс болушу м-н мүнөздөлгөн (мис., т. ж., энергия системасы, газ магистралында) оперативдүү-технол. байланыш үчүн колдонулат.

ТАНЕЕВ Сергей Иванович [13(25). 11. 1856, Владимир — 6(19). 6. 1915, Дюдьково, азыркы Москва обл., Звенигород р-ну; соогу Москвага коюлган] — орус композитору, пианист, педагог, окумуштуу, муз.-коомдук ишмер. 1875-ж. Москва консерваториясын алтын медаль м-н бүтүп (фортепиано б-ча Н. Рубинштейндин ж-а композиция б-ча П. Чайковскийден таалим алган), 1878-жылдан анда окутуучу (1881-ж. проф., 1885—89-ж. директор). 1906-ж. Элдик консерваторияны түзүүгө көмөктөшкөн. Т-дин музыкасы эмоциялуулугу, оюнун терендиги, сезиминин орчундуулугу, чебердиги м-н айырмаланат. «Орестея» операсын (1895), «Иоанн Дамаскин» кантатасын (1884), 4 симфония, хорлор, романстар, аспаптык чыг-лар жазган. Т-дин чыг-лык принциптерин сов. композиторлор өркүндөтүүдө.

Лит.: Корабельникова Л., С. И. Танеев в Московской консерватории, М., 1974.


ТАНЗАНИЯ, Бириккен Танзания Республикасы — Чыгыш Африкадагы мамлекет. Британия ыктымагынын составында. Түндүгүнөн Уганда, түш.-чыгышынан Кения, түштүгүнөн Мозамбик, түш. - батышынан Малави ж-а Замбия, түш.-батышынан Бурунди ж-а Руанда м-н чектешет. Чыгышынан Инди океаны, батышынан Танганьика, түш.-батышынан Ньяса, түндүгүнөн Виктория көлдөрү чулгайт. Аянты 941,6 миң *км*². Калкы 17,5 млн (1978). Борбору — Дар-эс-Салам (калкы 662 миң, 1978). Админ. жактан 25 областка бөлүнөт.




Т.— респ-ка. Мамлекет ж-а өкмөт башчысы — президент. Закон чыгаруучу бийлик президентке ж-а бир палаталуу Улуттук чогулушка таандык. Мамл. гербин ж-а мамл. желегин к. *Мамлекеттик герб, Мамлекеттик желек* макалаларынын таблицасынан.

Табияты. Т. Чыгыш Африка платосунун түш. бөлүгүн ж-а Занзибар, Пемба а-дарын ээлейт; деңиз деңг. орт. бийикт. 1000—1500 *м*. Аймагы терең ойдундар (грабендер) м-н тилмеленген. Ойдундардын чет-жакаларында жанар тоолуу аймактар ж-а тоолор жатат, эң бийиги — Килиманжаро; 5895 *м*. Чыгыш жээгин шуру рифтери м-н курчалган кууш түздүк ээлейт. Климаты экватордук-муссондук, эң жылуу айынын (окт.) орт. темп-расы 20—27°С, мелүүн айыныкы (июнь) 12—22°С. Жылдык жаан-чачыны 500—1500 *мм*. Дарыялары: Пангани, Руфиджи, Рувума ж. б.; көлдөрү Виктория, Танганьика, Ньяса ж. б. Батышы м-н түштүгүнө жалбырагы күбүлмө сейрек тропик токою, деңиз жээгине парк саванналары, борб. бөлүгү м-н түн.-чыгышына кургак саванна, бийик тоо канталдарына нымдуу жашыл токой мүнөздүү. Жаныбарлары: пил, кара керик, бегемот, буйвол, жейрен, цеце чымыны ж. б.

Калкы. Элинин 98% чыгыш банту тилдеринде сүйлөгөн африкалыктар (васукума, ваньямвези, маконде, важагга ж. б.). Көбү — жерг., калганы мусулман ж-а христиан диндерин тутат. Мамл. тили — суахили ж-а англис тилдери. Орт. жышт. 1 *км*²ге 16






Дар-эс-Салам ш-на жакын жердеги Университет.

киши (1974). Шаарлары: Дар-эс-Салам, Занзибар, Танга, Мванза ж. б.

Тарыхы. Т. аймагында адам эзелтен эле жашаган. Т-ның жерг. калкы бушмендерге тектеш болгон. Б. з. башында Т-га бантулар, нилоттор, 7—8-к-да араб-дар келип жайгашкан. Араллардa ж-а деңиз жээктеринде өз алдынча мал-тын түзгөн суахилилер калыптанган. 19-к-дын башында Занзибар а. ж-а Т. жээктери *Маскат султандыгына* карап, 1856-жылдан Занзибар өзүнчө султандык болгон. 1884-ж. Т-ны Германия басып алып, 1899-ж. Занзибар а-жда англ. протекторат орногон. Баскынчыларга каршы көтөрүлүш-төр (1888—89, 1891—97), согуштар (1905—07) чыккан. Биринчи дүйн. согуштан (1914—18) соң Т-ның Танганьика аталган бөлүгү Улуу Британияның мандатында-гы, экинчи дүйн. согуштан (1939—45) кийин анын опекасындагы аймак катары эсептелген. Биринчи дүйн. согуш-тан кийин Т-да улуттук-бошт. кыймыл пайда болуп, 1929-ж. Танганьика африка-лыктарынын ассоциациясы (ТАА) негиз-делген. 1954-ж. Танганьиканын Африка-лык улуттук союзу (ТАНУ) түзүлгөн (ТАА иштөөсүн токтоткон). 1957—58-ж. Занзибар а-нда боштондукка чыгаруучу алгачкы уюмдар, алардын ичинде Афро-Ширази партиясы (АШП) пайда болгон. Т. ж-а Занзибар эли акыры колонизатор-ларды өлкөдөн куун чыгып, 1961-ж. 9-декабрда Танганьиканын көз карандысыз-дыгы (1962-жылдын 9-декабрынан респ-ка), 1964-ж. 12-январда Занзибардын өз алдынчалыгы жарыяланган. 1964-ж. 26-апрелде ал өкөө кошулуп, Бириккен Танзания Респ-касы түзүлгөн. ТАНУнун Аруш декларациясында (1967) өлкөнүн капит. эмес жол м-н өнүгөрү белгиленген. Т. блокторго кошулбоо, империализмге, неоколониализмге каршы күрөшүү саясатын жактайт. 1961-ж. СССР



Аруша ш-ның көчөлөрүнүн бири.

м-н дипл. мамиле түзгөн. Т. м-н СССР-дин ортосунда экон., тех., соода ж-а ма-даний кызматташуу келишимдерине кол коюлуп, жүзөгө ашырылып жатат.

Саясий партиялары жана профсоюздары. Танганьикалык Африка Улуттук Союзу ж-а Афро-Ширази партиясынын биригишинен пайда болгон Чама ча мапиндузи негизделген. Профсоюз уюмдарын Танганьика эмгекчилеринин улуттук союзу биригирет.

Экономикасы. Т. — экономикасы начар өнүккөн агрардык өлкө. Аймагынын 60% а. ч-га жарактуу, аның 17% дыйканчылык, 43% шалбаа м-н жайыт. Сизаль, чеге гүлү (экспорту б-ча 1-орунда), пахта, буудай, чай, кешью жаңгагы, кокос пальмасы, жү-гөрү, тамеки, ак жүгөрү, маниок ж. б. өстүрүлөт. 1977-ж. 14,8 млн уй, 4,7 млн эчки, 3,0 млн кой болгон. Ө. ж.



Занзибар а-нда чеге гүл кургатуу.

начар өнүккөн. 1978-ж. 612,2 млн *квт·с* электр энергиясы алынган. Тоо-кен ө. ж-нын негизги тармагы — алмаз, калай, кайнатма туз, слюда, көмүр ж. б. казып алуу. Нефть ажыратуу, цемент Дар-эс-Саламда, тамеки, тек-стиль, сизаль иштетүү, тамак-аш, жы-гач иштетүү ө. ж-лары бар. Коргове ж-а Танга ш-ларында металлургия-лык ишканалар, Дар-эс-Саламда ме-талл иштетүү ө. ж. иштейт. Автомо-биль жолунун уз. 19299 *км*, т. ж. 3,5 миң *км* (1977). Аэропорту эл аралык мааниде. Сыртка кофе, пахта, чеге гүлү, кешью жаңгагы, сизаль, алмаз чыгарып, өзүнө машина ж-а жабдуу, ө. ж. товарларын, азык-түлүк, нефть ж. б. алат. Негизги соода шериктери: Улуу Британия, КЭР, ГФР, АКШ, Япония, Италия, Индия ж. б.; СССР, ж. б. соц. мамлекеттер м-н соода бай-ланышы өсүүдө. Акча бирдиги — тан-зания шиллинги; 8,16 шиллинг = АКШнын 1 долларына.

Эл агартуусу. 1970-ж. калкынын 75%-тен көбү сабатсыз болгон. Калктын улгай-ган болгүнүн сабатсыздыгын жоюу б-ча Т. 1973-ж. Н. К. Крупская атн. эл ара-лык сыйлыгын алган. Башталгыч мектеп-терге балдар 7 жаштан кабыл алынат. Окуу суахили тилинде. Орто мектеп 6 жылдык. Дар-эс-Саламдагы тех. колледж тех. орто билим берет. Башталгыч мек-теп мугалимдерин 4 жылдык пед. окуу жайы даярдайт. Дар-эс-Саламда ун-т бар. **Ири китепканалары:** Дар-эс-Саламдагы Борб. улуттук китепкана, ун-ттин ки-тепканасы. Дар-эс-Саламда Т. Улуттук музеи, Занзибар ш-нда Занзибар Улуттук музейи бар. Т-да 1975-ж. 40тан ашуун газета, журнал басылган, радио, телекер-сетүүсү иштейт.

Лд.: Чижов Н. Н., Танзания, М., 1972; Синицына И. Е., Танзания. Партия и государство, М., 1972.


ТАНК (англ. tank, негизги мааниси— цистерна, бак) — толук бронялангan гусеницалуу аскер машинасы. Т. өтө кыймылдуу келип, ар кандай буталарды кыйратууга ж-а тоскоолдордон өтүүгө жөндөмдүү. Биринчи жолу бронялангan машиналардын долбоорун 1911—15-ж. Россияда В. Д. Мен-делеев, А. А. Проховщиков, А. Ва-сильев, Улуу Британияда Де Моль (1912) ж. б. сунуш кылган. Алгачкы сов. Т. 1920-ж. 31-августта сыналып, ал «Борец за свободу тов. Ленин» деп аталган.

Азыркы Т-ның негизги бөлүктөрү: бронялангan тулкусу, башня, кура-дар комплекси, кыймылга келтиргич, башкаруу системасы, электр жабдуу, жүрүү бөлүгү, өрткө ж-а атом кура-лына каршы система.

Башняда негизги курал (замбирек) орнотулган. Ал кол ж-а электр же гидравликалык кыймылга келтиргич м-н айландырылат. Башня ж-а тулку ок өтпөс легирленген болоттон жаса-лат. Т-ның негизги аткыч куралы — замбирек, кошумчасы — зенитник пу-лемёт. Азыркы Т-ларга пайы сайлуу же жылма, калибри 105 *мм* ж-а ан-дан чоң замбирек орнотулат. Замби-ректин комплексине броня тешкич, кумулятивдүү, подкалибрлүү, о. э. курулмаларды ж-а душмандардын ас-керин кыйраткыч жарылгыч заттары бар снаряддар кирет. Горизонталь ж-а вертикаль тегиздикте атуунун тактыгы стабилизатордун жардамы м-н жөнделөт, ал эми атайын прибор-ду пайдалануу м-н түндө да так атуу-га болот. Т-ыга төрт ж-а эки такты-луу поршендүү атайын кыймылдат-кычтар орнотулат. Алар суюктук же аба м-н муздатылат. Күйүүчү май сыймд. 1500 *л*. Башкаруу органдары штурвал түрүндөгү механизм м-н жөнгө салынат. Гусеницалуу чын-жырдын мөөнөтүн узартуу ж-а пай-далуу аракет коэффициентин жогору-латуу максатында резина металл шарнирдүү трак пайдаланылат. Т-ы-нын жылчыксыз жабылуусу (герме-тизация) 2 *м* тереңдиктеги суудан, ал эми атайын жабдуу м-н жабды-лышы терең суу кечмелердин түбү-

Т-55 советтик танк.





М60А1 америкалык танк.

нөн өтүүгө мүмкүндүк берет. Жер бетинде багыт алуу үчүн навигация-лык аппаратура, курс көрсөткүч элек-трондук эсептөө ж-а автоматтык курс-ту картага түшүргүч приборлор кол-донулат. Азыр Т-ының оор, жеңил, сууда сүзгүч, тоскоолдон өтмө ж. б. түрлөрү бар.

Лд.: Танки и танковые войска, М., 1970; Косырев Е. А., Орехов Е. М., Фомин Н. Н., Танки, М., 1973.

ТАНК Максим [чын аты-жөнү — Евгений Иванович Скурко; 4(17). 9. 1912-ж. т., Пильковщина кыш., азыр-кы Минск обл., Мядель р-ну] — белo-рус акыны, БССР эл акыны (1968), БССР ИАнын акад. (1972), Соц. Эмг. Баатыры (1974). 1936-жылдан КПСС мүчөсү. Т. Батыш Белоруссиядагы рев-ялык кыймылга белсене каты-шып, көп жолу камалган. «Өмүр бе-лестери» (1936), «Клюква гүлү» (1937), «Мачтанын алдында» (1938) ыр жый-нактары м-н «Парочь» (1937) поэма-сында өз эли-жеринин бошт. күрөшү сүрөттөлөт. 1941—45-ж. фронттук ж-а партизандык басма сөзгө кызматкер болгон. Ошол учурда «Янук Сялиба» (1942) поэмасын, «Куралдарды кай-рагыла», «Орт мунарыктарын аралап» (экөө тең — 1945) ыр жыйнактарын жараткан. Кийинки мезгилде «Би-лишсе деп» (1948; СССР мамл. сыйл., 1948), «Ташта, темирде, алтында» (1951), «Чагылган изи» (1957), «За-рыл буюмдарым» (1962), «Бир жутум суу» (1964), «Жарык болот» (1972), «Нарочан карагайлары» (1977; Ленин-дик сыйл., 1978) ж. б. китептери жа-рык көрдү. Т-ның поэзиясы көтөрүң-кү романтикалык ж-а реалисттик боёктун айкалышы, интеллектуалдык децгээлинин кеңендиги м-н өзгөчөлө-нөт. Поэзиясынын формасы бай ж-а ар түрдүү. Т. СССР Жог. Советине (7—10-шайл.) депутат, БССР жаз. союзунун башкармасынын биринчи секретары (1966-жылдан). Үч Ленин ордени, Октябрь Революциясы ордени, башка 4 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.


Чыг.: в рус. пер. — Избр. произв., т. 1—2, М., 1971.

ТАНКЕР (англ. tanker, tank — цистерна, бак, резервуар) — цистернада суюктыктарды суюштуруп ташыгыч транспорттук кеме. Т. м-н нефть ж-а анын иштетилген продуктулары, суюлтулган газ, азык-түлүк (өсүмдүк майлары, сүт, шире, кит майы, ша-рап ж. б.), хим. продуктулар (кисло-та, спирт ж. б.), эритилген күкүрт, асфальт, таза суу ж. б. ташылат. Т.— жашоого, кызмат өтөөгө ж. б. ылайыкташтырылган бир палубалуу өзү жүрүүчү кеме. Т-ге суюктук жабык түтүк аркылуу жүктөлүп, кеме насос-тору аркылуу сордурулуп алынат. Т-дин сыймд. 500 миң *т* ж-а андан да көп.

ТАННИН (фр. tannin, tanner — тери-ни ийлөө) — өсүмдүктөрдө кездик таралган фенол бирикмелеринин тобу; белоктор ж-а кээ бир табигый поли-мерлер (целлюлоза, пектин заттары) м-н бекем байланышты түзөт. Т. оң-дөөчү заттары бар өсүмдүктөрдүн ка-бык, сөңгөк, жалбырак ж-а мөмөлө-рүндө кездешет. Тери өндөөдө, кебез кездемелерди боёодо ж-а медицинада күйүк, жара ж. б-ларды дарылоодо, о. э. көмүш, сыман, коргошун туз-дары м-н уулануудан айыктырууда колдонулат, к. *Өндөгүч заттар.*

ТАННУ-ОЛА — Тува АССРинин түш-түгүндөгү кырка тоо. Жог. Енисейдин ж-а Убсу-Нур көлүнүн алаптарында-гы дарыялардын суу бөлгүчү. Батыш ж-а Чыгыш Т.-О. кырка тоолорунан турат. Уз. 300 *км*. Басымдуу бийик-т. 2500—2700 *м*, эң бийик жери 3061 *м*. Түн. капталында (2000—2200 *м* би-йикке чейин) кедр-кызыл карагайлуу тайга, түштүгүндө талаа өсүмдүктөрү өсөт. Кудурлуу чокуларын корум таш, тоо тундрасы ээлейт.

ТАНСЫКБАЕВ Урал [1(14). 1. 1904, Ташкен — 18. 4. 1974, Нукус] — сов. живописчи, СССР эл сүрөтчүсү (1963), СССР САнын анык мүчөсү (1958). Пенза сүрөт окуу жайын (1929) бүт-көн. Алгачкы чыг-ларына эшикалык монумент композициялар мүнөздүү. Т. убакыттын талабын терең түшү-нүп, мажорлуу маанайы м-н өзгөчө-ленген пейзаж картиналарын тарт-кан («Бир тууган край», 1951, Өзбек



У. Тансыкбаев. «Кайрак-Кум ГЭСиндеги таң», 1957.

ССР иск-во музейи, Ташкен; «Кай-рак-Кум ГЭСиндеги таң», 1957, Чыгыш элдеринин иск-во музейи, Москва; «Чарвак курулушунда», 1970, СССР сүрөтчүлөр союзу, Москва). Т. театр сүрөтчүсү (В. В. Великановдун «Калкаман менен Мамыр» балетин жасалгалаган, Алматы, 1938) ж-а мо-нументалист живописчи (Москвадагы ВДНХда «Совет маданияты» павиль-ондагы панно, 1952—54) катары да



М. Танк.



У. Тансыкбаев.

иштеген. Хамза атн. Өзбек ССР мамл. сыйл. лауреаты (1973). Ленин ордени, башка 4 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

ТАНТАЛ — байыркы грек мифологиясындагы лидия же фригия падышасы, Зевстин уулу, Пелопс м-н Ниобанын атасы. Ал олимпиячылардын сырын ачып, кудайлар тоюнан нектар м-н амбросияны уурдаганы ж-а кудайларды тойго чакырып, аларды өзү өлтүргөн уулу Пелопстун этинен жасалган тамак-аш м-н сыйлаганы үчүн кудайлар тарабынан жер алдын-дагы падышалыкта түбөлүк азап тар-тууга өкүм кылынган: ал жерде кек-иртегинен сууга батып, мөмө-жемишке курчалып турса да, суу оозу-на жетпей, шактагы мөмө оолактап, чаңкап суусаган, кеззэрип ачка бой-дон турат имиш. «Тантал азабы» де-ген сөз ушундан улам чыккан.

ТАНТАЛ (лат. Tantalum), Та — Мен-делеевдин мезгилдик системасынын V тобундагы хим. элемент; ат. н. 73, ат. м. 180, 948. Табиятта 2 изотобу бар: ^{181}Та (туруктуу) ж-а ^{180}Та (ра-диоактивдүү). Жер кыртышында мас-сасы б-ча $2{,}5 \cdot 10^{-4}$%. Аны 1802-ж. А. Г. Экеберг ачкан. Т.— боз түстөгү металл; тыгызд. 16,6 $г/см^3$ (20°С), эрүү t 2996°С, кайноо t 5300°С; каспети б-ча инобийге окшош. Таза Т. ийил-гич, Н, N, О, С аралашса, металлды морт кылат. Т. туруктуу бирикмелер-де +5 валенттүү. Т. абада туруктуу, 280°Сден жогору ысытканда кычкыл-данат. Туруктуу бир кычкылы Ta_2O_5 кислоталык каспетке ээ, α-(ак) ж-а β-(боз) формада жолугат. Жог. темп-рада көмүртек, суутек ж-а азот м-н катуу эритме пайда кылат. Галоген-дер м-н кошулуп TaX_5 тибиндеги га-логениддерди (X=F, Cl, Br, I) берет. Т. ысытууда С, B, Si, P, Se, Te ж. б. элементтер м-н кошулат. Орг. эмес ж-а орг. к-таларга туруктуу. Тантал к-тасынын туздары — танталаттар $MeTaO_3$, Me_3TaO_4. Т. кендерден калы-бына келтирүү ж-а тазалоо методу м-н алынат. Т. электроника, хим. ма-шина куруу, металлургия, медицина-да ж-а катуу куймаларды алууда TaC түрүндө колдонулат.

ТАНТАЛ-НИОБАТТАР — табигый комплекстүү кошундулар (Та ж-а Nb) түрүндөгү минералдар тобу. Жал-пы хим. формуласы $A_nB_mX_p$. Майда бүртүкчөлүү, өңү кара, күңүрт, сар-гыч күрөң, айнек сымал жалтырайт.

Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 4,5—8, салышт. салм. 3,5—9. Өтө радиоактивдүү. Т.-н. гранит, нефелиндүү сиенит, пегматит, жегичтүү пегматиттерде кошунду (акцессор) минерал катары учурайт. Т.-н.— тантал, ниобий, торий металлдары алынуучу негизги сырьё.

ТАНТАЛ РУДАЛАРЫ — составында экон. жактан казып ж-а болуп алууга арзырлык тантал бар минералдардын табигый чогундусу. Т. р-ның негизги минералдары: колумбит-танталит (составында Ta_2O_5 30—45%ке чейин), танталит ж-а манганотанталит (45—80%), вожинит (60—85%), микролит (50—80%). Тантал-ниобий рудасындагы Т. р-ның баалуу минералдары: колумбит (5—30%), гатчёттолит (8—28%), танталдуу пирохлор (1—4%) ж. б. (к. *Ниобий рудалары).* Ө. ж-лык маанисине карай бир нече түрго ажыратылат. 1) Сейрек металлдуу натрий-литий пегматит кени. Уз. жүздөгөн *м*ден 1—2 *км*ге созулган тилкелегген тарамдуу, составында альбит, микроклин, кварц, аз санда сподумен же петалит бар. 2) Сейрек металлдуу составында тантал кездешүүчү гранит. Анчалык чоң эмес шток, казанбак түрүндө жайгашат. 3) Убелөндү кыртыштардын аллювий, делювий, пролювий чөкмөлөрдөгү чачынды кени. Т. р. гравитация, флотация методдору м-н байытылат, байытылган концентратта 13—40% Ta_2O_5 болот. Ири кендери Канада, Бразилия, Нигерия, Түш. Родезия ж. б. өлкөлөрдө бар. 1973-ж. танталдын дүйн. өндүрүшү 900 тга (аның 600 тсы АКШда) жетти.

ТАНУУНУ ТАНУУ ЗАКОНУ — диалектиканын өнүгүү процессинин багытын мүнөздөгөн закондорунун бири. Т. т. з. улантуучулукту, жаңы м-н эскинин байланышын, өнүгүүнүн жог. баскычында төмөнкү баскычынын кээ бир касиеттери кайталанышын, өнүгүүнүн прогрессчил мүнөзүн туюндурат. Бул закондун айрым белгилери философиянын тарыхында дайын болсо да, Гегелдин идеалисттик системасында ырааттуу калыпка салынган. Диалектикада тануу категориясы бир предметтин бир эле мезгилде «жок болуу» м-н башка предметке өтүшүн билдирет. Бирок бул «жок болуу» андан ары өнүгүүгө жол ачат ж-а өткөн баскычтардын оң касиеттерин сактап калган байланыш катары эсептелет. Диалек. тануу кубулуштун ички закон ченеминен туулуп, өзүн өзү тануу болот. Диалек. тануунун маңызынан өнүгүүнүн танууну тануудан көрүнгөн өзгөчөлүгү жаралат.

Карама-каршылыктын биримдиги ж-а күрөшүү закону өнүгүүнүн булагын, сандык өзгөрүүлөрдүн сапаттык өзгөрүүлөргө өтүү закону өнүгүүнүн механизмин, ал эми Т. т. з. өнүгүүнүн багытын, түрүн ж-а натыйжасын көрсөтөт. Т. т. з. бүтүн, белгилүү деңгээлде алктаган өнүгүү процессинен гана толук байкалат. Эскини танмайынча жаңынын пайда болуп жетилиши ж-а өнүгүү процессинин болушу мүмкүн эмес. Т. т. з. б-ча өнүгүү ар бири үч стадиядан турган циклдер аркылуу ишке ашат: объектинин башташы абалы, анын өз карама-каршылыгына айланышы, б. а. тануу, ал карама-каршылыктын да өз карама-каршылыгына айланышы, б. а. тануунун тануу. Өнүгүү тизмегин түзгөн циклдердин ырааттуулугун элестүү түрдө спиралга салыштыруурга болот. В. И. Ленин өнүгүүнүн өткөн баскычы жог. негизде кайталанарын, туз сызык эмес, спираль түрүндө болорун белгилеген. Мындай сүрөттөөдө ар бир цикл өнүгүүнүн орому, ал эми спиралдын өзү цикддердин тизмеги катары көрүнөт. Бул образдуу салыштыруу Т. т. з-на ылайык өнүгүүнүн жалпы багытын айкын туюнтат: өткөндү кайталоо толук болбойт; өнүгүү даңгыр жолго түшпөй, сыртқы ж-а ички шарттарга ылайык жаңы жол издейт; өткөн учурдагы белгилерди, касиеттерди кайталоодо өнүгүү процесси капчалык татаал болсо, ошончолук салыштырмалуу болот. Спиралга окшоштук өнүгүү процессинин формасын гана эмес, темпин да мүнөздөйт: спиралдын ар бир орому улам далай жолду артка калтырат, өнүгүү ылдамдайт. Бул закон ченем табиятта да, коомдо да, ойломдо да көрүнөт.

Ад.: Воробьёв М. Ф., Закон отрицания отрицания, М., 1958; Кедров Б. М., О повторяемости в процессе развития, М., 1961; Домрачев Г., Ефимов С., Тимофеева А., Закон отрицания отрицания, М., 1961.

ТАНЮГ, Жаңы Югославия телеграф агентствосу — ЮСФРдин информация агентствосу. 1943-ж. ачылган. Белград ш-нда. Өлкөнүн газета-журналдарын, радио, телекөрсөтүүсүн тышкы ж-а ички саясат б-ча информация м-н жабдыйт. ЮСФСРдин өзүндө 90, чет өлкөлөрдө 26 бөлүмү ж-а атайын фотокабарлар м-н тейлоочу шикаласы бар. Орусча, англисче, французча ж-а испанча «Югославские новости» аттуу газета чыгарат.

ТАҢ — түн карацгысы тарап, айланага жарык кире баштаган маал; Күн чыгаарда атм-радагы оптикалык кубулуш. Күндүн горизонтто өөлеген абалына жараша асмандагы жарык түстөрүнүн закон ченемдүү алмашуусунан келип чыгат. Күн горизонттон 12° төмөн кезинде асманда жашыл тарткан тилкелер, горизонттон чыгарына 5° калганда Күндүн үстүндө сегмент түрүндөгү жарык пайда болот. Бул учурда жарык түшүп, китеп окулат. 2—3° калганда Т. шооласында кызгылт тактар көрүнүп, ал улам ачык, жарык боло баштайт. Күн горизонттон чыкканда асман (асман ачык кезде) сары же кызгылт-сары түстө, кээде күрөң тартып турат.

ТАҢУУ, байлоо — *жараат, сынык* ж. б-ларды дарылоодо колдонулуучу чара. Т. үчүн пластырь, желим ватар, даки, стрептоцид күкүмү, риванолдун, фурацилиндин эритмелери, А. В. Вишневскийдин бальзамдуу майы, синтомицин эмульсиясы ж. б. антисептик заттар колдонулат. Таза, кургак Т. жараатты жалаң гана микробдон сактабастан, андагы прицди өзүнө соруп алып, жараатты тезирээк айыгышына көмөк болот. Этерде тацылган дакинин сыртына прид, как өтүп кетсе, анын үстүн жацылап Т. же кайрадан алмаштыруу зарыл. Т. жарааттын абалына жараша күнүгө же ар 2—5 күндө алмаштырылып турат.

ТАҢЫКЧЫ, тацгыч — өздик медицинада кишинин, малдын сынган же чыккан жерин, мүчөсүн ордуна келтирип таңган, салган (мис., *шакшак)* өздик дарыгер, к. *Табыпчылык.*

ТАПАЖОС — Бразилиядагы (Түш. Америка) дарыя. Амазонканын оң куймасы. Уз. 2200 *км*, алабынын аянты 487 миң *км*². Журуэн ж-а Телис; Пирис д-ларынын кошулушунан пайда болуп, Амазонка ойдуңу аркылуу агат. Жамгыр сууларынан куралат. Кирген мезгилде (ноябрь—март) деңгээли 7—8 *м*ге көтөрүлөт. Орт. чыгымы 15,5 миң $м^3/сек$. Кеме жүрөт.

ТАПАНЧА (аскердик) — ок атылма чакан курал. Милтелүү алгачкы Т. 16-к-да Авияда ж-а Европада пайда болгон. Армияда 17-к-дан тартып кремний замоктуу, ал эми 19-к-дан капсюлдуу Т. колдонулган. 19-к-дын ортосуна чейин Т-ның пайы сайсыз жылмакай болсо, андан кийин ага сай салына баштаган. Түтүнсүз карадары ж-а металл гильзалуу патрон ойлоп табылгандан тартып автомат Т. жасалган. Азыр Т. м-н 50—70 *м* аралыктагы бутага тийгизүүгө болот. Аны офицерлер, атайын кызматтагы адамдар колдонот.

ТАПИРЛЕР (Tapiridae) — сүт эмүүчүлөрдүн сыңар туяктуулар түркүмүндөгү түкүмү. Алардын кеби-сыны жок, бирок кыймылдуу, тулку бою массивдүү, буттары кыска. Алдыңкы буттары төрт, арткылары үч манжалуу. Манжалары туяк м-н капталган. Тумшугунда анча чоң эмес түтүк тумшугу (хобот) бар, кулагы, куйругу кыска. Териси калың, кыска жүндүү. Көнчүлүгүнүн түсү кара күрөң, ал эми кулундары чаар. Денесинин уз. 180—250 *см*, бийикт. 75—120 *см*, салм. 200—300 *кг*. Борб. ж-а Түш. Америкада, Түш. Чыгыш Азияда 5 түрү таралган. Т. нымдуу саздак, көлмөлөрү бар токойлорду байырлайт. Суууда жакшы сүзөт. Т-дин эң майдалары Анд тоолорунда кезигет. Дарак, бадал жалбырактарын ж-а чөптөрдү жейт. Бир кулун туулт. Эти, майы тамак-ашка пайдаланылат. Колго үйрөтүлөт. Т. азайгандыктан коргоого алынган.

ТАПТАР ЖАНА ТАП КҮРӨШҮ — өндүрүштүн тарыхый өнүгүшүнүн белгилүү фазаларына байланыштуу жашаган коомдук кубулуштар. «Коомдук өндүрүштүн белгилүү бир тарыхый системасында өздөрүнүн өзгелеген орду боюнча, өндүрүш каражаттарына карата өздөрүнүн (көбүнчө закондор менен бекитилген жана оформить этилген) мамилелери боюнча, эмгектин коомдук уюштуруудагы өздөрүнүн ролу боюнча, демек, коомдук байлыктын өздөрүндө болгон үлүшүн алуунун жолу жана аның көлөмү боюнча айырмалана турган адамдардын чоң топтору — тап деп аталат» (Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 29-т., 467-б.).

Бардык антагонисттик коомдо бир тап өндүрүш каражаттарын өөлеп, эзүүчү абалда, экинчи тап өндүрүш каражаттары жок, эзилүүчү абалда болот. Т. ж. т. к-нүн ил. теориясын адегенде тарыхты материалисттче түшүнүүнүн негизинде К. Маркс м-н Ф. Энгельс иштеп чыккан. Т. ж. т. к-нүн марксчыл теориясынын башкы жоболору: 1) таптар (Т.) өндүрүштүн өнүгүү фаазалары м-н байланышта гана жашайт; 2) тап күрөшү (Т. к.) сөзсүз пролетариат диктатурасына алып келет; 3) бул диктатура ар кандай тапты жоюуга ж-а тапсыз коомго өтүүнүн тешкичи болот (Маркс К., Энгельс Ф., Танд. чыг., 2-т., 517-б.). Т.— тарыхый кубулуш. Алар коомдук өнүгүүнүн белгилүү бир баскычында пайда болот. Т-дын жаралышын эмгек өндүрүмдүүлүгү, кошумча продукт чыгаруу ж-а өндүрүш каражаттарынын жеке менчикке өтүшү шарттайт. Т. 2 түрдүү жол м-н калыптанган: 1) алгачкы жамаатта башчылардын (аксакалдар, аскер башчылар, жрецтер) өзүнчө бөлүнүшү аркылуу; 2) согуш туткундарынын, жакырланғандардын кулга айланышы аркылуу. Алгачкы таптык коом б. з. ч. 4-кдын башында 3-к-дын аягында Египетте, Вавилонияда, б. з. ч. 3—2-к-да Индияда, Кытайда, б. з. ч. 1-к-да Грецияда пайда болгон. Кыргызда таптык жиктелүү болжол м-н б. з. 1-к-нда башталган.

Тарыхта таптык-антагонисттик коомдун 3 түрү белгилүү: кул ээлик, феодализм ж-а капитализм. Ар биринде карама-каршы Т. болгон: кул ээси м-н кул, феодал м-н крепостной дыйкан, буржуазия м-н пролетариат. Социализмде да Т. сакталып калат. Бирок алардын мамилеси бирин бири эзүүгө эмес, кызматташтыкка ж-а биргелешкен эмгекке негизделет. Капитализмдин өнүгүшү м-н анын таптык түзүлүшүндө өзгөрүү жүрөт. Бирок бул айрым бурж. идеологдор ырастагандай жумушчу табынын, таптык айырмачылыктардын жоюлушуна алып келе албайт. Коомдо негизги Т. м-н бирге негизги эмес, арабек Т. же социалдык катмарлар болушу мүмкүн, мис., интеллигенция. Т. түбөлүк жашабайт. Т. к.— мүдөөлөрү карама-каршы болгон. Т-дын ортосундагы күрөш. Коом карама-каршы таптарга жиктелгенден эледешкис Т. к. жүрүп келген. Антагонисттик формацияларда Т. к. негизги өндүрүш жолунан, жаңы өндүргүч күчтөр м-н эскирген өндүрүш мамилелеринин ортосундагы карама-каршылыктан көрүнөт. Бул карама-каршылыктын чечилиши коомду алга жылдырат. Антагонисттик коомдогу Т. к.— алардын тарыхынын мазмунун ж-а кыймылдаткыч күчүн түзөт.

Т. к. кул ээликти феодализм, феодализмди капитализм м-н алмаштырган. Капитализм Т-дын карама-каршылыгын жоё алган жок, себеби өндүрүш каражаттарына жеке менчик сакталып, эзүүнүн түрү гана өзгөрдү. Жумушчу табынын тарыхый аренага чыгышы м-н Т. к-нүн жаңы этабы башталды. Пролетариаттын буржуазияга каршы күрөшү 3 түрдүү болот: экон., саясий ж-а идеол. Алардын ичинен саясий күрөш Т. к-нүн жог. түрү катары башкы орунду ээлейт. Саясий күрөштө пролетариаттын таптык уюмдашуусунун жог. формасы — партия калыптанат (к. *Саясий партия).* Коммунисттик партия жумушчу кыймылынын рев-нчыл теориясын, соц. идеологияны иштеп чыгат. Т. к-нүн эң жог. көрүнүшү — *социалисттик революция. Пролетариат диктатурасы* орногондо да Т. к. бүтпөйт. Капитализмден социализмге өтмө мезгилде аның жаңы түрлөрү пайда болот. В. И. Ленин төмөнкүдөй түрлөрүн белгилеген: 1) эзүүчүлөрдүн каршылыгын басуу; 2) граждсогуш; 3) майда буржуазияны бейтарапташтыруу; 4) буржуазияны ж-а бурж. адистерди «пайдалануу»; 5) жаңы тартипке тарбиялоо (Чыг., кырг. 1-бас., 30-т., 90—92-б.).

Т. к-ндө пролетариат гегемондук ролду аткарат. Аның саны жылдан жылга өсүүдө. Жумушчу табы Россияда 1913-ж. калктын 14,6%ин түзсө, СССРде 1976-ж. 61,2%ин түзгөн.

Пролетариаттын Т. к-ндө дыйкандар союздаш болот. Соц. курулуштун жүрүшүндө соц. интеллигенция калыптанат. Эзүүчүлөр табын жоюу — социализмдин дүйн.-тарыхый жеңиши. Бирок тапсыз коомду түзүү үчүн ар кандай таптык айырмачылыкты жоюу зарыл. Коммунисттик курулуштун жүрүшүндө биздин өлкөдө элдердин тарыхый жаңы жалпылыгы — *совет эли* калыптанды. Коомдун Т-га ж-а социалдык катмарларга жиктелиши коммунизмде жоюлат. Азыркы доор — эки коомдук системанын — социализм м-н капитализмдин күрөшүнүн доору. Пролетариаттын азыркы этапта Т. к-нүн башкы өзгөчөлүгү — демократия үчүн күрөштү социализм үчүн күрөш м-н айкаштыруу. Социализмдин дүйн. системасы— антиимпер. кыймылдын башкы рев-нчыл күчү ж-а таянычы.

Ад.: Маркс К., Энгельс Ф., Коммунисттик партиянын манифести, Танд. чыг., 1-т.; Маркс К., Франциядагы 1848-жылдан 1850-жылга чейинки таң күрөшү, ошондо; ошонуку, Гота программасына сын, Маркс К., Энгельс Ф., Танд. чыг., 2-т.; Энгельс Ф., Үй-бүлөнүн, жеке менчиктин жана мамлекеттин келип чыгышы, Фр., 1970; Ленин В. И., Эмне кылуу керек?, Чыг., кырг. 1-бас., 5-т.; ошонуку, Пролетариат диктатурасы жөнүндө, ошондо, 30-т.; ошонуку, Мамлекет жана революция, ошондо, 25-т.; Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Программасы, Фр., 1972; XXV съездин материалдары, Фр., 1977.

ТАР (азербайжан, армянча; дагестанча тара, грузинче тари) — кылдуу чертме муз. аспап. Кавказдыктарга кеңири тараган. Жалпы уз. 900—1000 *мм*, 3 кош кылдуу. Плектр м-н чертилет. 2) Араб өлкөлөрүндө кичинекей көңгуроо.

ТАР, Тхар — Индия м-н Пакистандагы чөлдүү ж-а жарым чөлдүү түздүк. Инд д-ның сол жээгинде. Уз. 850 *км*, аянты 300 миң *км*². Аллювий, деңиз, эол кумдарынан турат. Рельефинде кум жалчалары, дюналар, барханлар басымдуу. Климаты тропиктик; жылдык жаан-чачыны 90—200 *мм*. Өөң жерлеринде көлдөр, шордок ж-а такыр жерлер бар. Өсүмдүктөрү сейрек; псаммофиль бадалдары (лептадения, каппарис, жузгун), алтыгана ж-а катуу чөптөр өсөт. Жайкы; оазистерде ж-а Инд д-ның өрөөнүндө сугат жерлер бар. Уз. 680 *км*ге жеткен Ражастхан ирригациялык каналы курулууда (1976).

ТАР — Ош обл-ның Совет р-нундагы суу, Сыр-Дарыянын алабы. Уз. 142 *км*, алабынын аянты 4130 *км*². Ферғана кырка тоосунун түш.-батыш ж-а Алайкуу кырка тоосунун түн. капталдарынан башталган Алайкуу ж-а Кара-Бел сууларының кошулушунан пайда болот. Кара-Кулжа м-н кошулуп, Кара-Дарыяны түзөт. Ортоңку агымында майда өрөөндөр ж-а терең (1—2 *км*), куушкапчыгайлар, төмөнкү бөлүгү Алайкуу өрөөнү м-н агат. Негизинен кар, мөңгү ж-а булак суулары нан куралат. Алабында жалпы аянты 175 $км^2$ болгон 10 көл бар. Эң ириси Чоң Кулунду көлү (уз. 4,6 *км*, туурасы 0,7 *км*, аянты 158 $км^2$). Жылдык орт. чыгымы 45,7 $м^3/сек$, эң чоң чыгымы июнь — июлда (214 $м^3/сек$), азы янв.— февралда (8,9 $м^3/сек$) байкалат. Апрелде кире баштап, октябрда тартылат. Негизинен сугатка пайдаланылат. Жээгинде Сидоров, Алайкуу, Кызыл-Жар, Кара-Кулжа кыш. жайгашкан.

ТАРАБИ Махмуд (1238-ж. өлгөн) — 1238-ж. Бухарада монгол төбөлдөрүнө ж-а жерг. ак сөөктөргө каршы чыккан дыйкандар м-н кол өнөрчүлөрдүн антифеод. ири көтөрүлүшүнүн башчысы. Тараб кыш-ндагы (Бухарага жакын) кол өнөрчү. Көтөрүлүшчүлөр Бухараны ээлеген соң Т. өзүн халиф деп жарыялаган. Дин кызматкерлери, жерг. ак сөөктөр ж-а чиновниктер шаардан куулун, бир тобу өлтүрүлгөн. Бухарадан качкан феодалдар ж-а монгол аскер башчылары Т-ге каршы чыккан. Салгылашта монгол аскери талкаланганы м-н Т. ж-а аның жакын жардамчысы Шамсиддин Махбуби өлгөн. Ушундан кийин монгол баскынчылары элдик кыймылды ырайымсыз баскан.



А. Тарак.



А. Таранчиев.

ТАРАГАЙ — Ысык-Кол обл-ныи Жети-Өгүз р-пундагы суу, к. *Жаак-Таш*.

ТАРАГАЙ ӨРӨӨНУ, Жогорку Нарын Ички Тянь-Шанда. Түндүгүнөн Соок (Жетим-Бел), Жетим, түштүгүнөн Борколдой, Чакыр-Корум, Нарын кырка тоолору м-н чектешет. Уз. 100 *км*дей. Туурасы Улан суусунун Нарынга куйган жеринде 3 *км*, Тарагай ж-а Кара-Сай өрөөндөрүнүн ортосунда 23 *км*. Өрөөн неогенде төмөн ийилип, шагыл, кум, кумдуу чопо тектери м-н толгон. Антропогендеде дениз денг. 3700 *м*ге чейин көтөрүлгөн. Рельефинде антропогендеги моңгүнүи жылышынан ж-а ал шилеп келген тектердин калдыктарынан (морена-моңгү таш) пайда болгон дөбөлүү чуңкурдуктар басымдуу. Тарагайдын нугун жээктеп чокмө тектерден түзүлгөн түз тектирлер созулуп жатат. Кара-Сай өрөөнүндө шамалдын таасиринен пайда болгон кум дөбөлөр бар. Түздүктөр өрөөндүн жазы бөлүгүндө ж-а Тарагай, Кара-Сай сууларынын жээгинде жайгашкан. Алар 6—7 тектирден туруп, батышты карай созулат. Климаты суук (абанын көп жылдык орт. темп-расы —7,9°С). Кышы катаал (январдын орт. темп-расы —21,9°С; айрым мезгилде —40°Сге чейин суук болот), жайкы орт. темп-расы (июлдуку) 4,2°С. Жылдык жаан-чачын 300—370 *мм*. Өсүмдүгү климаттын катаалдыгына ыңгайлашып, ар кайсы жерде топ-топ болуп өсөт; негизгилери: өлөң чөп, дриада, бетеге, доңуз сырты, боз көбөн, ак кодол, кара кыяк ж. б. Кургакчыл жеринде шыбак кездешет. Тоо канталдарында алыи шалбаасы өсөт, жогорулаган сайын өсүмдүктөр сейректеп, шагылдуу бийик беттерге, жылаңач аска-зоокаларга өтөт. Т. ө. негизинен жайыт катары пайдаланылат.


Ад.: Бассейн реки Нарын, Фр., 1970; Койчиев М., Кыргызстандын жаратылышы жөнүндө очерктер, Фр., 1975.

ТАРАГЫЧ МАШИНА — текстиль өндүрүшүндө була материалдарын (пахта, жүн, кендир ж. б.) тароочу негизги машиналардын бири. Иштетилүүчү булалардын тегине ж-а өндүрүштүн түрүнө жараша Т. м. бир, эки ж-а үч барабандуу болот. Бир барабандуусу чатышкан буланы тароодо, эки барабандуусу узун жүндүн ичке ийрилген жиптерди, ал эми үч барабандуусу кыска жүндүн ноотуу жасоочу жипти алууда колдонулат. Булаларды тароо — текстиль өндүрүшүндөгү негизги процесс. Т. м. адегенде буларды тарап, ар кандай кошундулардан, начар булалардан тазалайт. Тазаланган була тасмага бекитилген ийилүүчү же тиштүү негизги барабанга берилет. Эки барабандын арасынан өткөндө кыска булалар ж-а булганч кошундулар, калдыктар иргелип чыгарылып, тазасы дагы таралат. Таралган була ичке тасмага айландырылып, сыртқы көрүнүшү, бир жактуулугу ж-а тазалыгы м-н айрмаланган продукция алынат.

ТАРАЗА — перселерге аракет кылган оордук күчү б-ча ал перселердин массасын аныктоочу прибор. Күчкө же күч моментине өзгөртүп башка физ. чоңдуктарды өлчөөчү приборлор да кээде Т. деп аталат, мис., ток ж-а Кулон тразасы. Арналышына жараша Т. үлгү (тараза ташты текшерүү үчүн), лабор-ялык ж-а түрдүү тармактарда колдонулуучу жалпы арналыштагы Т-лар болуп бөлүнөт. Иштөө принциби б-ча Т. рычагдуу, пружиналуу, электр тензометрдик, гидростатикалык ж-а гидравликалык болуп айырмаланат.

Рычагдуу Т. кыйла кеңири таралган, анын иштеши рычагдын тең салмактуулук законуна негизделген. Лабор-яларда жүктүн бир бөлүгүнө же толук жүккө таш орнотулган Т. (өзгөчө аналит. Т.) улам кеңири колдонулууда. Мындай Т-ныи иштөө принцибин Д. И. *Менделеев* сунуш кылган. Метрологиялык үлгү, аналит., тех., соода, мед., вагондук, автомобилдик типтеги Т-ныи көпчүлүгү, о. э. автоматтык же улуштөгүч Т. рычагдуу Т-ныи принциби б-ча түзүлгөн.

Пружиналуу ж-а электр-тензометрдик Т-лар *Гук законунун* негизинде иштейт. Пружиналуу Т-ныи сезгич элементи — перселин салмагынын аракети астында деформациялануучу жалпак же цилиндр түрүндөгү пружина. Т-ныи көрсөтүүсү шкаладан эсептелинет, аны бойлото пружина м-н бириктирилген көрсөткүч жебе жылып жүрөт. Толгонмо (торсиондуу) Т-ныи сезгичтүү элементи — серпилме же спираль пружина (к. сүрөт). Жүктүн салмагы пружинаныи толгонуу бурчу б-ча аныкталат. Ал бурч жүктүн толгонуу моментине пропорциялаш. Электр-тензометрдик Т-ныи иштеши жүктүн күч аракети таасир кылган серпилгич элементтердин деформациясы электр каршылыгын өзгөртө турган-дыгына негизделген. Гидростатикалык Т. негизинен катуу перселердин ж-а суюктуктардын тыгыздыгын аныктоо үчүн колдонулат. Алардын иштеши Архимед законуна негизделген. Гидравликалык Т-ныи түзүлүшү гидравликалык пресске окшош. Перселин салмагын манометр көрсөтөт. Т-ныи бардык типтери төмөнкүлөр м-н мүнөздөлөт: 1) салмагы аныкталуучу эң оор жүк; 2) шкалапын бир бөлүгүнүн мааниси; 3) Т-га тартканда-гы каталыктын чеги; 4) бир эле персени бир канча жолу Т-га



Толгонмо (торсиондуу) тараза-ынын схемасы: *1* — спираль пружинасы; *2* — жүк коюлуучу рычаг; *3* — магниттүү тынчыткыч; *4* — жебе; *5* — шкала.

тартканда алынган натыйжалардын айырмасы.

Ад.: Рудо Н. М., Весы. Теория, устройство, регулировка и проверка, М.—Л., 1957; Гаузнер С. И., Михайловский С. С., Орлов В. В., Регистрирующие устройства в автоматических процессах взвешивания, М., 1966.

ТАРАК (өз фам. Файзуллаев) Абдулла (1869, Наманган—17. 5. 1944, Ташкен) — ырчы, обончу; Кыргыз ССР эл арт. (1940), Өзбек ССР эл ырчысы (1939). Жаш чагында *Мукими* м-н таанышып, ырларын обонго салып, эл арасында ырдаган. Юнус Ражабий, Абдукадыр найчы, уста Рузиматхан ж. б-дан таалим алган. Өзбек элдик ыр-күүлөрдү мыкты аткарган. Андан Т. Хасанова, Л. Мандова ж-а Өзбек ССР эл арт. Ш. Рахимова, Т. Жапарова ж. б. таалим алган. 1939-ж. Москвада өткөн кыргыз искусунун декадасына катышкан. 1938-ж. Ташкенге чакыртылып, концерт берип, ырлары пластинкага жазылган. Медаль м-н сыйланган.

Ад.: Исраилов Я., Маннонов А., Ош музыкалык драма театры, Фр., 1973; Жахангиров Г., Эки элдин ырчысы, «Кыргызстан маданияты», 1969, 10-сент.

ТАРАКАН СЫМАЛДАР (Blattoptera же Blattodea) — курт-кумурскалардын түркүмү. Денеси жалпак, уз. 4 *мм*ден



Таракандар: 1 — сары таракан; 2—3 — кара таракан (2 — эркеги, 3 — ургаачысы).

95 *мм*че. Башында чоң көзү, муунактуу кыл сымал узун муруту, кемирүүчү оозу болот. Алдыңкы бир жуп канаты ныарлуу, жонунда жалпагынан бүктөлүп, бардык денесин жаап турат. Арткы канаты тунук, жаргактуу, алдыңкы канатынын астында. Т. с-дын көпчүлүгү учуу жөндөмдүүлүгүн жоготкон, буттары узун, күчтүү, жакшы чуркайт. Курсагы тегерек келип, жалпак 8—10 муунактуу. Алардын 3000дей түрү белгилүү. СССРде 55 түрү кездешет. Т. с. азыгын карацгыда издейт, күндүз таш, жалбырак ж. б-ныи астында же жараканаларда, ийиндерде жашыныи жатат. Т. с. жаныбарлардын ж-а өсүмдүктөрдүн калдыктары м-н азыктанат. Көпчүлүгү жумуртка, кээ бир тропиктик түрлөрү тирүү тууйт. Личинкалары бир нече айдан 4 жылга чейин өөрчүйт. Кээлери (мис., сары таракан, кара таракан) турак жайда жашап, зыян келтирет. Т. с. инсектициддерди чачуу м-н жоготулат.

Ад.: Жизнь животных, т. 3, М., 1969.

ТАРАКИ Нур Мухаммед (1917-ж. т., Мукур ш.—5. 12. 1979, Кабул)—Афг-ндын саясий ж-а мамл. ишмери, жазуучу ж-а котормочу. Дыйкан үй-бүлосүнөн. Жаш кезинен жумушчу болуп, Кандагарда, 1934-жылдан Бомбейде (Индияда) иштеп, орто мектепти бүткөн (англис тилин үйрөнгөн). Т. афган дыйкандарынын, кол өнөрчүлөрүнүн ж-а жумушчуларынын оор турмушун реалисттик м-н чагылдырган бир катар чыг-лардын (мис., «Банганын кацгуусу», 1958; «Жалгыз», 1962 ж. б.) автору. Т. коомдук-саясий ишмердигин 40-жылдарда баштаган. 40-жылдардын аягында «Бахтор» телеграф агентствосунда иштеген. 50-жылдары өлкөнүн турмушун демократташтыруунун көздөгөн «Ойгонгон жаштар» деген саясий топту жетектеген. 1965-ж. Т-нин жетекчилиги м-н Афганстан элдик-демокр. партиясы (АЭДП) түзүлүп, ал анын биринчи секретары (1977-жылдан ген. секретары) болуп шайланган. 1978-ж. 27-апрелде өлкөдө улуттук демокр. рев-я жеңген соң (30-апрелден) Т. Афг-н Демократия Респ-касынын (АДР) Рев-ячыл советинин пред-ли ж-а Премьер-министр болуп дайындалган. 1978-ж. 17-августтан Т. АДРдин коргоо министринин да милдетин аткарган. Т. 1978, 1979-ж. официалдуу визит м-н СССРде болгон.

ТАРАКЧИЕВ Акун (1903-ж. т., азыркы Ош обл., Базар-Коргон р-ну, Кыргыз-Гава кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1948). 1939-жылдан КПСС мүчөсү. 1930-ж. колхозго мүчө болуп, анын чыгалышына активдүү катышат. Ошол эле жылы «Кыргыз-Гава» к-аунун башкармасынын пред-ли болуп шайланган. Анын жетекчилиги м-н колхоздун экономикасы бир кыйла чыңдалып, а. ч. өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү жогорулайт, малдын саны ж-а анын кунардуулугу артат. 1947-ж. 50 бээден 50 кулун алынып, аман асыралган. Ленин ордени м-н сыйланган.

ТАРАМЫШ — 1) булчундун каллоген талчаларынан туруп сөөккө бекилүүчү, анчалык чоюлбаган бир бөлүгү. Ал жыйрылганда булчуң кыймылга келет. 2) Бут кийим ултаруу, үй буюмдарын тигүү үчүн малдын, көбүнчө уйдун, жылкынын тарамышынан чыйратылган жип. Т. жасоо үчүн жаңы союлган малдын тарамышы кесилип алынып кургатылат. Кургаган Т. эки жыгачтын ортосуна салынып, жанчылып, жумшартылат. Андан соң бирден таралып, тигилүүчү буюмга жараша жоон же ичке чыйратылат. Төөнүн чуудасы көшө чыйратылган Т. саба тигүүгө колдонулат. Жыгач усталар уйдун же жылкынын чылгый жумшак Т-ын түндүк алкагынын чамгарактарынын бириктирилген жерин ороп, чырман бекитүү үчүн да колдонушкан.

ТАРАН Павел Андреевич [5(18). 10. 1916-ж. т., Днепропетровский обл., Никопольский р-ну, Шолохов кыш.]— эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1942; 1944), авиациянын генерал-лейтенанты (1967). 1942-жылдан КПСС мүчөсү. 1937-жылдан Сов. Армияда. А. Ф. Мясников ати. Кача аскер-авиация окуу жайын (1938) ж-а Генштаб аскер академиясын (1958) бүткөн. Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) звено командиринен авиаполк командирлигине чейин жеткен. 386 согуштук учуш жасаган. Согуштан кийин командирлик, 1960-жылдан СССР Коргоо Мин-восунун Борб. аппаратында жооптуу кызматтарда. Ленин ордени, 2 Кызыл Туу, 1-дараж. Ата Мекендик Согуш, Александр Невский, 2 Кызыл Жылдыз ордени м-н сыйланган.

ТАРАНЧЫ СЫМАЛДАР (Passeriformes) — куштар классынын түркүмү. Жер бетинде 5000деи ашуун; СССРде 310го жакын түрү бар. Көбү майда, денесинин уз. 9,5 *см*ден 65 *см*ге жетет. 3 түркүмчөгө (кең тумшуктуулар, каркылдоочулар, сайроочулар) бөлүнөт. Кең тумшуктуулардын канаттары, тумшугу кыска ж-а жазы. Африка, Түш.-Чыгыш Азиянын токойлорунда 14 түрү бар. Каркылдоочулар негизинен Түш. Америкада, Африкада, Түш. Азияда, Индо-Австралияныи архипелагында, Австралия ж-а Жаңы Зеландияда таралып, миңден ашуун түрү белгилүү. Сайроочулардын Жер шарында кеңири таралган 4000дей түрү бар. Алардын үн аппараты жакшы өөрчүгөн. Булар: торгойлор, чабалекейлер, жылкычы чымчыктар, борбаштар, чыйырчыктар, думбулдар, кашка чымчыктар, каргалар ж. б. Т. с. келгин, тургун ж-а өткүн болуп жашайт. Көбүнүн тиричилиги бак-дарак м-н байланышкан, кээси (мис., торгой) ачык жерде жашоого өткөн. Туруктуу бир жерге уялап, адатта чаар жумурткасынан (1—16га чейин) алсыз, сокур, кызыл эт балапандар чыгат. Көбү зыяндуу курт-кумурсканы, отоо чөптүн уругун жеп, пайдалуу.

Ад.: Янушевич А. И., Кыдыралиев А. [и др.], Птицы Киргизии, т. 2, Фр., 1960.

ТАРАПТАР — сот процессининн белгилүү укуктарга ээ болгон катышуучулары. Сов. укукта гражд. ишб-ча Т.: доочу, жоопкер, уголовный ишб боюнча айыптоочу, сотголуучу, актоочу, жабырлануучу, граждандык доочу, граждандык жоопкер жана алардын өкүлдөрү.



А. К. Тарасова.

ТАРАСОВА Алла Константиновна [25. 1(6. 2.). 1898, Киев — 5. 4. 1973, Москва] — орус совет актёру, СССР эл арт. (1937). Соц. Эмг. Баатыры (1973). Проф. (1968). 1954-жылдан КПСС мүчөсү. Драма өнөр мектебин бүткөндөн (1916) Москва Көркөм театрында артист. К. С. Станиславский м-н Вл. И. Немирович-Данченконун шакирти. Аткарган негизги ролдору: Аня, Соня (А. Чехов, «Алчалуу бак», «Ваня таяке»), Макарова (А. Афиногенов, «Коркуучу»), Татьяна (М. Горький, «Душмандар»), Лиза (Б. Чирсков, «Жецгендер»), Мария (Ф. Шиллер, «Мария Стюарт») ж. б. Ал айрыкча Аннанын («Анна Каренина», Л. Толстойдуку б-ча) ролун аткарууда зор ийгиликке жетишкен. Т. жаркын образдарды жаратуу м-н орус актёр өнөрүнө кыйла салым кошкон. Кинодо да тартылган. СССР Жог. Советине (3—5-шайл.) депутат. СССР мамл. сыйл. (1941, 1946-ж. эки жолу; 1947, 1949) лауреаты. Эки Ленин ордени, Октябрь Революциясы, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Калитин Н., Народная артистка СССР Алла Константиновна Тарасова, М., 1951.

ТАРБАГАТАЙ КЫРКА ТООСУ Каз-ндын чыгышында. Ала-Көл ж-а Зайсан көлдөрүнүн аралыгында. Уз. 300 *км*, бийик. 2992 *м* (Тастоо чокусу). Сланец, аки таш, кумдук, гранит тоо тектеринен турат. Түн. канталы түштүгүнөн жантайыцкы, кыры жылаңач чокулуу. Аки таш тектүү жерлерде карст өөрчүгөн. Канталдары капчыгайлуу. Тоо этегин жарым чөл ж-а талаа өсүмдүгү ээлейт. Дарыя өрөөндөрүндө жыгач өсүмдүгү, түш. канталдарында бадал өсөт.

ТАРБИЯ — личностту максатка ылайык системалуу калыптандыруу процесси. Т. коомдук ж-а маданий турмушта, өндүрүштө активдүү адамды даярдоого багытталат. Ал үй-бүлө ж-а мектептин, мектепке чейинки ж-а мектептен тышкары мекемелердин, балдар ж-а жаштар уюмдарынын, коомчулуктун бирдиктүү ишмердиги аркылуу жүзөго ашат. Личносттун калыптанышына коомдук турмуштун, илим м-н техниканын өнүгүшү, ад-т, иск-во, массалык информация каражаттары таасир берет. О. эле адам өзүн өзү Т-лайт. Т-ныи негизги түрлөрү — үй-бүлөлүк ж-а коомдук Т. Коомдун жашашы үчүн материалдык

ж-а духовный дөөлөттөрдү өндүрүү ж-а өнүктүрүү зарыл. Бул жаш муундардын мурункулардын тажрыйбасын өздөштүрүүсүн, мад-ттын өнүгүшүнө өз салымын кошушун талап кылат. Т. мурунку ж-а кийинки муундар ортосундагы байланышты камсыз кылат. Коомдук-экон. формациялардын өзгөчөлүктөрүнө жараша Т-ның максаты, мазмуну, уюштурулушу ж-а методдору өзгөрүп келген. Коом таптарга жиктелген соң Т. таптык мүнөзгө ээ болгон.

К. Маркс ж-а Ф. Энгельс бурж. Т-ның бетин ачып, пролетардык Т-ның принциптерин негиздешкен. В. И. Ленин соц. курулуштун алгачкы күнүнөн эле коммунисттик коомдун адамын Т-лоонун башкы маселелерин койгон. Жаңы коомдун жаш муунун тарбиялоонун негизги принциптери: Т-ның турмуш м-н, коммунисттик курулуштун практикасы м-н байланышы; эмгекте ж-а коллективде Т-лоо; демилгени өнүктүрүүнү белсендүү пед. жетекчилик м-н айкалыштыруу; ыраатгуулук ж-а системалуулук ж. б. (к. *Коммунисттик тарбия*).

Ад.: Маркс К., Энгельс Ф., О воспитании и образовании, М., 1957; Ленин В. И., О воспитании и образовании, М., 1973.

ТАРБИЯ ПРИНЦИПТЕРИ, к. *Тарбия.*

ТАРБИЯЧЫ — 1) көп мааниисинде — *тарбия* ишин жүргүзгөн адам же уюм; 2) тар мааниисинде — окуу-тарбия мекемелеринде балдарды ж-а жаштарды тарбиялаган кызмат адамы. Т. балдар бакчасында, яслиде, мектеп-интернатта, узартылган күндүү мектепте, атайын мектепте иштейт. Ал тарбиялануучулардын денсоолугуна, тарбиясына, окуусуна, эс алуусуна жооп берет. Т-ның ишинин өзгөчөлүгү мекеменин түрүнө жараша болот. Т. пед. жог. ж-а орто окуу жайларда даярдалат.

ТАРБИЯ-ЭМГЕК КОЛОНИЯСЫ — СССРде баралына жете элек (18ге чейинки) соттолуп, эркинен ажыратылган кылмышкерлердин жаза өтөөчү ж-а эмгекке тарбиялануучу жайы. СССР ж-а союздаш респ-калардын түзөтүү-эмгек закондорунун негизинде ылайык Т.-э. к. уландар ж-а кыздар үчүн болок-болок түзүлүп, жалпы ж-а күчөтүлгөн режимдеги колония болуп болунот. Жашы 18ге толгондо түзөтүү-эмгек колониясына которулат. Кээде тарбиянын натыйжасын бекемдөө же окуусун бүтүрүү максатында Т.-э. к-нда жашы толсо да, 20 жашка чейинкилер калтырылышы мүмкүн. Бардык тарбиялануучулар милдеттүү түрдө мектептик, кесиби жоктор кесиптик-тех. окуусуна тартылат. Окуусу бүткөндөгө тийиштүү документ берилет. Тарбиялануучулар эмгек закондоруна ылайык окуу-өндүрүштүк устаканаларда ж. б. жумушта иштейт. Тапкан айлыктарынын тийиштүү болүгү аны багууга кеткен чыгымды ж-а кылмышына байланыштуу зыянды төлөө үчүн кармалат. Режимди бузбаган тарбиялануучулардын өз эсебине (лицевой счётуна) 45%тен кем эмес айлыгы жазылат. Т.-э. к-ның иш-аракетине байкоо жүргүзүү үчүн коомчулук тарабынан камкорчулук совети түзүлөт. Бошотулгандар ата-энесине же жакындарына жиберилет. Андай мүмкүнчүлүк жок болсо же максатка туура келбесе, жашы жете электердин иши б-ча комиссия аркылуу ишке орноштурулат. Т.-э. к-н жалпы жетектөөнү — СССР ички иштер мин-восу, закондуулукту көзөмөлдөөнү — тийиштүү райондун же областтын прокуроруу жүргүзөт.

ТАРДУШТАР — *Түрк каганддыгының* бир болүгү. Бул термин орхон-енисей жазууларында кездешет. Кагандыкка кирген уруулар жашаган чөйрөлөрүнө жараша Т. (кагандыктын батышында жашагандар) ж-а тёлистер жетолистер (кагандыктын чыгышында жашагандар) деп бөлүнгөн. Алардын кошуундары түрк аскерлеринин оң ж-а сол канаттарын түзгөн. Эки бирикмени тең шаддар башкарып, аларды падыша тукумунан чыккан *каган* дайындаган.

ТАРЕЕВ Евгений Михайлович [13(25). 5. 1895-ж. т., Псков] — сов. терапевт, СССР МИАнын акад. (1948), РСФСРдин илимге эмг. сиц. ишмери (1948), Соц. Эмг. Баатыры (1965). Москва ун-тинин мед. ф-тетин бүткөн (1917). 1936-жылдан 3-Москва мед. ин-тунда, 1951-жылдан 1-Москва мед. ин-тунда проф., кафедра башчысы. Анын негизги ил. иштери боор ж-а бөйрөк патологиясын, *коллаген ооруларын*, медицинанын ж. б. маселелерин изилдөөгө арналган. Ал биринчи жолу (1940-ж. П. Г. Сергиев м-н бирге) сывороткалуу гепатитти ж-а боордун катып калышын изилдеп, бөйрөк ооруларын классификациялаган, о. эле иммунонефрология б-ча маселерди иштеп чыккан. СССРде 1-жолу гемодиализ борборун уюштуруп, алгачкы ирет түйүндүү периартериттин диагностикасын жазган, о. эле аның жетекчилигинде коллаген ооруларын, *дары ооруларын* изилденген. СССР мамл. (1946), СССР МИАнын С. П. Боткин атн. (1962) ж-а Ленин ордени (1974) сыйл. лауреаты. Уч Ленин ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган. Т.—Бүткүл россиялык терапевттер коомунун, 1966-жылдан Бүткүл союздук нефрологдор коомунун (1969-жылдан) пред-ли, чет өлкөлүк мед. коомдорунун ардактуу мүчөсү.

Чыг.: Гипертоническая болезнь, М., 1948; Внутренние болезни, 3 изд., 1957; Коллагенозы, М., 1965 (соавт.); Эпидемический гепатит, М., 1970 (соавт.).

Ад.: Е. М. Тареев (К 80-летию со дня рождения), «Терапевтический архив», 1975, № 4.

ТАРИМ — Кытайдын батышындагы дарыя (алабынын бир болүгү Кырг-ида). Уз. 2030 *км*, алабынын аянты 951,5 миң *км*². Жаркент, Ак-Суу ж-а Хотан д-ларынын кошулушунан пайда болот. Көп болүгүндө Кашкар түздүгүнүн батыш ж-а түн., Такла-Макан чөлүнүн түн. чети м-н агат. Төмөнкү агымында контогон салаага болүнүп, жерге сиңип кетет. Кар, жамгыр, башталышында мөңгү суларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 400—500 *м*³/*сек*, эң чоңу 2500 *м*³/*сек* (ортоңку агымында). Май айында кирип, сентябрда тартыла баштайт. Балыкка (кацылтыр, кок чаар, ит чабак) бай. Сугатка кеңири пайдаланылат. Жээгинде Ак-Суу, Шахъяр, Текели ш-лары жайгашкан.

ТАРИМ ТҮЗДҮГҮ, к. *Кашкар түздүгү.*

ТАРИФ-СООДА БАШКЫ КЕЛИШИМИ — 1947-жылдын окт. айында Женевада 23 мамлекет кол койгон, соода режими ж-а соода саясаты ж-дегү көп кырдуу мамл. аралык (ортолук) келишим. 1971-жылдын башында ага 90 мамлекет мүчө (соц. мамлекеттерден: Куба, Польша, Чехосл-я, Югосл-я). Секретариаты Женева ш-нда. Т.-с. б. к. соода саясатынын негиздери (принциптери) ж-дегү келишимдерди камтыйт. Анын мүчөлөрү тышкы соодада ошол келишимдерди колдонот. О. эле алар өз ара эпке көнүү шартын макулдашат. Келишим өз катышуучуларының тышкы соода саясатының куралы катары импортко сан жагынан тыюу салуудан баш тартуусун максат кылып койгон. Бирок Т.-с. б. к-нде кабыл алынган соода саясатының негиздерин (принциптерин) импер. мамлекеттер өз кызыкчылыктары үчүн пайдаланышат. Соц. мамлекеттер анын механизмин келишимге катышуучу капит. мамлекеттер м-н өз соода ж-а саясат позицияларын оңоп алууга колдонууда. Анын катышуучуларынын ортосунда соода кылууда бажы тарифтери бир кыйла төмөндөтүлдү.

«ТАРИХ И РАШИДИ» — Мухаммед Хайдар Дуглаттын 1541—45-ж. жазган эмгеги. Дуглаттардын муундан муунга өткөн ачгемелеринин, могол уламыштарының, автор өзүнүн байкоолорунун негизинде ж-а мурунку окумуштуулардын эмгектерин пайдаланып фарсы тилинде жазган. Бул чыгарма Чыгыш Түркстан, Жети-Суу, Фергана (мурунку Моголстанга караган) аймактарының, аларда жашаган элдердин, уруулардын 1347-жылдан кийинки тарыхын ж-а автор жашаган мезгилге чейинки окуяларды камтыйт. «Т. и Р.» айрыкча азыркы Кырг-ыдын 14—16-к-дагы саясий-экон. тарыхы, климаты, жаратылышы, жаныбарлары ж-дө көп маалымат берет. Анда кыргыздардын 15-к-дын аягынан Чыгыш Түркстандын түн. аймактарында, Ысык-Көл ороонүндө, Жумгалда; Кочкордо, Ат-Башыда жашагандыгы ж-а 16-к-дын 1-жарымында Анжиян, Аксы (азыркы Наманган), Түркстан, Сайрам тарапка чейин жеткени ж-дегү так маалыматтар биринчи кездешет. Автордун айтуусу б-ча 16-к-дын ортосунда кыргыздар ислам динин кабыл ала элек болуп, саясий

көз карандысыздыгын сактап турган. Чыгарма түрк тилинде которулган. «Т. и Р.» О. Авияда, Индостан м-н Персияда бир нече жолу кол м-н көчүрүлгөн. В. В. Вельяминов-Зернов аның үзүндүлөрүн орус тилине, кийин 1895-ж. Д. Росс англис тилине которгон. Бирок «Т. и Р-нин» толук тексти алигиче эч жерде басыла элек.

Ад.: Бартольд В. В., Дуглат, Соч., т. 5, М., 1968, с. 529—33; Стори Ч. А., Персидская литература, т. 2, М., 1972.

ТАРКЫЛДАКТАР (Turdidae) — куштардын таранчы сымалдар түркүмүндөгү тукуму. 300дөн ашык түрү бар. Буларга көтөрөпей, *чакчыгай*, кыш күйрүк, *булбул* ж. б. кирет. Өңү ж-а дене түзүлүшү ар кандай. Алардын ичинен кадимки таркылдактардын 160 түрү бар. Адатта секирип жүрүшөт. Кээлери ууккулуктуу, жакшы сайрашат. Жерге, бак-даректарга биринден уялашат. Уясы бекем, чуңкур болуп, айрымдары ич жагын топуракты шилекейлеп шыбап да коюшат. 3—6 чаар жумурткасы болот. Түн. жактардагы Т-дын көпчүлүгү тропикке чейинки жылуу жерлерге барып кыштайт, кээ бирлери (мис., кара Т. ж-а кара төш Т.) туруктуу жашайт. Түрдүү омурткасыздар, өсүмдүктөр м-н азыктанат. Т. Европа, Азия ж-а Америка материктеринде көп таралган. СССРде 22 (Кырг-ида 6) түрү кездешет.



Таркылдактар: *1* — боз таркылдак; *2* — четин таркылдагы; *3* — сайragыч таркылдак; *4* — кара богок таркылдак; *5* — кара таркылдак.

ТАРЛЕ Евгений Викторович [27. 10. (8. 11). 1875, Киев — 5. 1. 1955, Москва] — сов. тарыхчы, публицист. СССР ИАнын акад. (1927). 1896-ж. Киев ун-тинин тарых-филол. ф-тетин бүткөн. 1903—17-ж. Петербург ун-тинде приват-доцент. 1913—18-ж. Юрьев ун-тинин, 1917-жылдан Петроград ун-тинин, ЛГУ м-н МГУнун проф. Т.— Франция тарыхы, эл аралык мамиле ж-а Россиянын тышкы саясаты б-ча эмгектердин автору. Чыг-ларының көрүнүктүүлөрү: «Революция доорундагы Франциянын жумушчу табы» (1—2-т., 1909—11), «Континенттик блокада» (1913), «Машина өндүрүшүнүн алгачкы мезгилинде Франциянын жумушчу табы. Империя кулагандан Лион жумушчуларының көтөрүлүшүнө чейин» (1928), «Наполеон» (1936), «Талейран» (1939), «Крым согушу» (1—2-т., 1941—43) ж. б. «Дипломатия тарыхы» деген коллективдүү эмгекти жазышкан. СССР мамл. сыйл. лауреаты (1942, 1943, 1946). Уч Ленин ордени, башка 2 орден м-н сыйланган.

Чыг.: Соч., т. 1—12, М., 1957—62.

Ад.: Чапкевич Е. И., Жизнь и деятельность Е. В. Тарле в дореволюционный период. в сб.: Некоторые проблемы классовой борьбы в период капитализма, М., 1966; его же, О жизни и деятельности Е. В. Тарле в советский период. в сб.: Некоторые вопросы истории СССР, М., 1967.

ТАРМАЛ ГҮЛДӨР, гүлдүн тармалданышы — желекчелеринин саны көбөйгөндүктөн таажычалары пилении, барпайган гүлдөр. Т. г. көбүнчө аталыктардын (розалар) ж-а эпеликтердин (байчечекей, роза ж. б.) желекчелерге айланышынан, о. эле жопокой гүл коргондо аның мүчөлөрү жайгашкан катардын санының көбөйүшүнөн (лилиялар, мандалактар) пайда болот. Т. г. өтө кооз болгондуктан гүл өстүрүүчүлүктө жогору бааланат.

ТАРМАЛ ЧӨП (Thalictrum) — өсүмдүктөрдүн байчечекейлер тукумундагы көп жылдык уруусу. Жалбырактары канаттай, бир нече ирет тилкелүү, кезектешип жайгашкан. Гүлдөрү майда, 4 мүчөлүү, жопокой гүл коргондуу, аталык жипчелери узун. Топ гүлү чачыдай, чатырчадай, пыпырыгылдай. Европада, Азияда, Африкада 120дан ашык түрү таралган. СССРде 20дай (Кырг-ида 9га жакын) түрү шалбаа, бадал, токой арасында, тоонун таштак бетинде осот. Айрым түрүнүн (сасык Т. ч.) мацызы кан басымын төмөндөтүү үчүн медицинада кеңири пайдаланылат, гүлзарларда өстүрүлүүчүлөрү да бар.

ТАРПЧЫЛАР (Silphidae) — коңуздар тукуму. Денесинин уз. 6—40 *мм*. Личинкасы жалпак, кыймылдуу келип, эшек куртка окшош. Буладын 500дөн ашык түрү бар, аның 80дейи СССРде. Т. бардык кургак материкте кездешет. Жырткычтары да бар. Алар бак-дарак, токойго зыян келтирүүчү конолектордун малактарын жеп, пайда келтирет. Көэ бир Т. өсүмдүк м-н азыктаныш, выиндуу.

ТАР-СУУ — Кемин р-нундагы Чоң-Кемин айыл советине караштуу кыштак. «Чоң-Кемин» с-зунун аймагында. Райондун борбору ж-а т. ж. станциясы Быстровкадан 45 *км* чыгыш тарапта. Калкы 414 (1979). Сегиз жылдык мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар. 1931-ж. орношкон.

ТАРТАК ЧУЛДУК (Himantopus himantopus) — суу чулдуктар түркүмүндөгү куш. Уз. 40 *см*, салм. 150 *гга* жетет. Түсү жон жагынан кара, боору ж-а куйрук жагы ак. Мойну, тумшугу, өзгөчө буту узун. Шыйрагы (117—136 *мм*) тумшугунан эки эсе узун. Арткы манжасы жок. Буттары кызыл, тумшугу кара. Кырг-ида Ысык-Көл, Соңколдо, Чүй ороонүндө бириндеп, кээде аз-аздан топтошуп уялап, 4—5 чаар жумурткасын экоолоп басат. Т. ч. көбүнчө тузсуз суулардын чөптүү жээктерин, кээде такыр жерлерди мекендеп, үлүл, рак сымалдарды ж. б. омурткасыздарды жейт.

ТАРТАР СЫМАЛДАР (Rallidae) — турна сымалдар түркүмүндөгү тукум. Майда ж-а орто чөңдуктагы куштар. Салм. 60 гдан 3,2 *кгга* жетет. Канаттары кыска ж-а тегерек. Куйрук бези жакшы өөрчүгөн. Куйрук чалгында-



ры кыска, аның ролун айрымдарында (кашкалдак) учканда артка сунулган манжалуу буттары аткарат. Түсү ар кандай, кээ бирлери кара же көгүш, көпчүлүгү, айрыкча троник жактагылары чаар. Камыш, бадалдардын арасында жүргөнүнө байланыштуу денеси каптал жактарынан кысыцкы. Көбү көмүске жерлерде жашап, анча байкалбайт. Сууда жакшы сүзөт, кургакта шамдагай жүрөт. Начар учат. Көбү азыгын түнкүсүн же күүгүмдө издейт. Т. с. Жер шарына кеңири таралган. СССРде 12 (Кырг-ида 6) түрү кездешет. Соңколдо кашкалдак көп уялайт. Алардын 48 уруусу, 140тай түрү бар. Т. с-дын көпчүлүгү ар кандай өлөң чөп, суу жээктерин мекендейт. Омурткасыздар ж. б-ды жейт.

ТАРТИП (коомдук) — коомдогу укук, адеп нормаларына же кандайдыр бир уюмдун талабына жооп берген адам жүрүм-турумундагы белгилүү ыраат. Т.— коомдун кадимкидей жапоосунун зарыл шарты. Ал адамдардын биргелешкен иш-аракетин камсыз кылат. Т. байыркы жамаат коомунда эле пайда болуп, жалпы коллективдин кызыкчылыгына баш ийген. Коомдо таптык жиктелүү башталгандан Т. таптык мүнөзгө ээ болгон.

Т.— үстөмдүк кылып турган коомдук мамилелердин туундусу ж-а аларды бекемдөөгө кызмат кылат. Т. ички, пайда көздөгөн ж-а аргасыз Т. болуп болунот. Ички Т. жүрүм-турумду жөнгө салган нормаларды терең өздөштүрүүнү талап кылат. Ал тышкы санкцияга ж-а зордоо чараларына муктаж эмес. Жүрүм-турум нормаларын сактоо Т-түү адамдын ички мүдөөсүнө айланат. Тескерисинче, пайда көздөгөн же аргасыз Т. тышкы санкцияга таянат. Алар материалдык, же башка пайда табууга умтулуудан же жазадан корккондуктан сакталат.

Бирок бул үчөө ар кандай коомдук системада бири биринен обочолонгон түрдө жашабайт. Салт катуу сакталган коомдо (мис., илгерки кыргыздарда) жүрүм-турумду негизинен адеп-ахлактык ж-а диний нормалар жөнгө салса, бүрж. коомдо пайда көздөгөн Т. алдыга чыгат. Социализмде болсо ач-сезимдүүлүккө негизделген Т. калыптанды. Ал — жолдоштуктун, сыйлоонун. демилгенин Т-и.

Ад.: Энгельс Ф., Авторитет жөнүндө, Маркс К., Энгельс Ф., Танд. чыг., 1-т.; Советтер Союзунун коммунисттик партиясынын Программасы, Фр., 1972.

ТАРТИП (математикада) — матем. объектилердин сандуу мүнөздөмөсү: 1) $F(x, y)=0$ алгебр. ийри сызыктын Т-и деп, ушул көп мүчөдөгү x ж-а y-тин эң жог. даражасы айтылат; 2) туундунун Т-и — ошол туундуну алуу үчүн ал функцияны дифференциалдоонун саны; 3) дифференциал теңдеменин Т-и — ошол теңдемеге кирген туундунун эң жог. Т-и; 4) квадраттык матрицанын (аныктагычтын) Т-и — анын сабы же мамычаларынын саны. «Т.» термини матем. атайын функциялар теориясында ж. б-да колдонулат.

ТАРТУ — Эстон ССРиндеги Тарту р-нунун борбору, шаар. Таллиндин 187 *км* түш.-чыгышта. Калкы 104 миң (1979). Автомобиль ж-а т. ж. тоому. Машина куруу, металл иштетүү, тамак-аш, жеңил ө. ж. өнүккөн. Шаардын ишканалары респ-канын о. ж. дүң продукциясынын 8%ын берет. Т-да ун-т, а. ч. академиясы, мед., пед., муз. ж. б. окуу жайлары, театр, 5 музей бар. Т. 1030-жылдан белгилүү.

ТАРТУУ — 1) бирөөго белек катары берилген (көбүнчө колдо жасалган) буюм; 2) кыргыздарда ала качып кеткен кыз үчүн алган тараптын кыздын ата-эне ж. б. туугандарына кулдук уруп, кечирим суроо жөрөлгөсү; 3) айыпка жыгылган учурда алдына түшүү, кулдук уруу. Бул жөрөлгөлөр көбүнчө Окт. рев-ясынан мурда кеңири таралган.

ТАРТУ УНИВЕРСИТЕТИ — СССРдеги эң эски жог. окуу жай. 1632-ж. негизделип, 1710-жылга чейин үзгүлтүк м-н иштеген. 1802-ж. Дерпт ун-ти деген ат м-н кайра ачылган. 1893-ж. шаар башкача аталгандыгына байланыштуу Юрьев ун-ти аталган. 1918-жылдан — Т. У. 19-к-дан 20-к-дын башына чейин Россиядагы бирден бир ил. борбор. Мында В. Я. Струве, Б. С. Якоби, Н. И. Пирогов, Н. Н. Бурденко ж. б. белгилүү илимпоздор иштеген. Ун-ттин составында (1977) тарых, филол., биол.-геогр., физ.-хим., мед., физ-ра, экон., матем., укук ф-тетери, аспирантура, сырттан окуу бөлүмү, 79 кафедра, 14 лабор-я, ботан. багы, 3 музей, китепкана болгон. 1977—78-окуу жылында ун-тте 7000 (сырттан окуу бөлүмүндө 2000) студент окуган, 664 окутуучу эмгектенген (1 акад., 6 Эстон ССР ИАнын корр. мүчөсү, 2 СССР ИАнын корр. мүчөсү, 102 илимд. доктору ж-а проф., 336 илимд. кандидаты ж-а доцент). Ун-т 1967-ж. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

ТАРТЫЛЫШ, гравитация, гравитациялык өз ара аракеттенүү — материянын ар кандай түрлөрүнүн ортосундагы универсал өз ара аракеттенүү. Эгер мындай өз ара аракет начар болсо ж-а перде жарык ылдамдыгына салыштырганда жай кыймылдаса, анда Ньютондун бүткүл дүйн. тартылуу закону орундалат. Т. жалпы түрдө А. *Эйнштейн* түзгөн салыштырмалуулуктун жалпы теориясында баяндалат. Бул теория б-ча Т. материянын мейкиндик м-н убакыттын касиеттерине аракеттенүүсү деп, ал эми мейкиндик-убакыт касиеттери материя кыймылына ж. б. физ. процесстерге таасир этет деп каралат. Ошондуктан Т-тын азыркы теориясы электр-магниттик, өз ара күчтүү ж-а өз ара начар аракеттенүү теорияларынан айырмаланат.


И. *Ньютондун* бүткүл дүйн. тартылуу закону б-ча массалары m_A, m_B болгон ар кандай эки материалдык бөлүкчө бири биринө массаларынын көбөйтүндүсүнө түз, аралыгынын квадратына тескери пропорциялаш F күчү м-н тартылат: $F=G\frac{m_A m_B}{r^2}$;

G — пропорциялаш коэффициенти, Ньютондун Т. туруктуулугу же гравитациялык туруктуулук деп аталат. Бул коэффициенттин сан маанисин англис физиги Г. Кавендиш (1798) аныктаган. Азыркы маалыматтар б-ча $G = (6{,}673+0{,}003)\cdot 10^{-8}$ $см^3/г\cdot сек^2$. Ньютондун законунан Т. талаасы потенциалдык талаа экендиги, б. а. анын чыңалышы g гравитациялык потенциал деп аталган белгилүү бир скаляр чоңдуктун градиенти φ катары каралат: $g=-\mathrm{grad}\varphi$; массасы m болүкчөнүн Т. талаасынын потенциалы төмөнкү түрдө жазылат: $\varphi=-\frac{Gm}{r}$. Ньютондун Т. закону азыркы кездеги астр-янын негизи болуп эсептелет. Аны м-н асман телолорунун кыймылы, структурасы, эволюциясы эсептелет ж-а массасы аныкталат. Ньютондун Т. теориясы ж-а механикасы — табият таануу илиминин зор жетишкендиктеринин бири. Ньютондун Т. теориясынын негизинде мурда белгисиз Нептун планетасы, Сириус спутниги ж. б. бар экени алдын ала айтылып, кийин ыраскталды. Бирок Т. талаасы жетишерлик күчтүү болуп, андай талаадагы перселердин ылдамдыгы жарык ылдамдыгына чамалап болгон учурда Ньютон закону м-н аныкталбагандыктан Ньютондун Т. законун толуктоо керек болгон. Т. теориясын салыштырмалуулуктун теориясынын негизинде А. Эйнштейн жалпылап толуктаган (1915), ал салыштырмалуулуктун жалпы теориясы деп аталат. Бул теория б-ча Т. перселердин массасына көз каранды болбостон, аларга бирдей ылдамдануу берип, бирдей аракет этет. Мис., Жердин тартылыш талаасынын аракетинен бардык перселер абасыз мейкиндикте жерге бирдей ылдамдануу (g) м-н түшөт. Муну Г. *Галилей* тажрыйбада байкаган. Бул фактыны гравитациялык масса м-н инерциялык (оордук) массанын ортосундагы пропорциялаштык принциби катары кароого болот. Мындан Эйнштейндин Т. теориясынын эквиваленттик принциби чыгат. Жер бетинде Т. күчүнүн таасиринен перселердин ылдамдыгы үч өлчөмдүү мейкиндиктин ар кандай чекитинде ар түрдүү экендигин Эйнштейн далилдеген.

Эйнштейндин Т. теориясы орус математиги Н. И. Лобачевскийдин, венгр математиги Я. Больйдын, немец математиктери К. *Гаусс* м-н Б. *Риман* ачкан евклиддик эмес геометрияга негизделген. Салыштырмалуулуктун атайын теориясы б-ча Т. талаасы таасир этпегенде мейкиндик-убакыттагы перселин инерция б-ча кыймылы түз сызык же матем. тилде экстремалдык (геодезиялык) сызык м-н сүрөттөлөт. Эквиваленттик принцибине негизделген Эйнштейндин идеясы б-ча Т. талаасы болгон мейкиндик-убакытта бардык перселер ийрейген геодезиялык сызык б-ча кыймылдайт. Эйнштейндин экинчи маанилүү аныктамасы: перселин Т. күчүнүн таасиринде кыйшаюусу анын массасына гана көз каранды болбостон, энергиясына да көз каранды. Бул идея — салыштырмалуулуктун атайын теориясындагы (m) масса м-н (E) энергиянын $E=mc^2$ формуласы м-н аныкталуучу Т. теориясынын эквиваленттик принцибинин жалпыланышы. Бул идея б-ча Т. массанын мейкиндик бөлүнүшүнө гана көз каранды болбостон, перселин кыймылына, перседе болуучу басымга, созулушка, электр-магнит ж. б. физ. талаага көз каранды.

Ад.: Эйнштейн А., Собр. научных трудов, т. 1—4, М., 1965—67; Ландау Л., Лифшиц Е., Теория поля, 6 изд., М., 1973.

ТАРУУ (Panicum) — дан өсүмдүктөр тукумундагы бир жылдык өсүмдүк уруусу. Т-нун 400дөн ашык түрү Азиянын, Американын ж-а Африканын тропик, субтропик ж-а мелүүн алкактарында; СССРде төрт түрү өсөт. Дыйканчылыкта негизинен 1 түрү — кадимки Т. айдалат. Кадимки Т.— түпөк тамырлуу жаздык эгин. Бир түбүндө 3—7 сабагы бар, бийикт. 45—150 *см*. Жалбырагы ичке. Мөмөсү тоголок, сүйрү, ак, кара, саргыч, кызыл ж. б. 1000 данынын салм. 4—9 *г*. Вегетация мезгили 60—120 күн. Ысык жерде жакшы өсүп, дың жерде түшүмчүл келет. Т.— негизги акчак өсүмдүктөрүнүн бири. Данынан ун (шак) тартылат, кушка жем катары берилет. Бакалы ж-а кебеги тоют катары пайдаланылат. Эгилме Т.— байыркы өсүмдүк. Азияда, Европада ж-а Түн. Африкада б. з. ч. 3 миң жыл мурда эле дайын. СССРде 1978-ж. гектарынын орт. түшүмдүүлүгү 7,5 *ц*ди түзгөн. Негизинен Волга бою, Каз-н, Украинада өстүрүлөт. Мыкты сорттору: Саратов 853, Подолянский 24/273, 1974-ж. аныи 35 сорту райондоштурулган. Илдеттери: кара көсөө, бактериоз. Зыянкечтери: таруу чиркейи, маячыл көпөлөк ж. б.



Кадимки таруу машактары.

Ад.: Производство проса в передовых хозяйствах, М., 1969.

ТАРХАН — 1) о. кылымдагы княздардын ж-а салык төлөөдөн бошотулган айрым башка социалдык топтордун түрк элдеринде аталышы. 2) Мамл. салыктарды төлөөдөн бошотулган Закавказ, О. Азия, Казан, Астрахань, Крым хандыктарынын жерлери м-н мүлктөрү. 3) О. кылымдагы орустун калк-укук актыларынын бир түрү.

ТАРХАНОВ (өз фамилиясы — Москвин) Михаил Михайлович [7(19). 9. 1877, Москва — 18. 8. 1948, ошол эле жер] — сов. актёр, педагог, режиссёр, иск-во таануу ил. доктору, проф. (1939), СССР эл арт. (1937). 1947-жылдан КПСС мүчөсү. Чыг-лыгы 1898-ж. элет театрларында башталган. 1922-жылдан МХАТта иштеген. Т.— сахна речинин чебери. Образдардын социалдык маңызын ача билген актёр. Аткарган ролдору: Оргон (Ж. Мольер, «Тартюф»), Полоний (У. Шекспир, «Гамлет»), Лука (М. Горький, «Түшкүрдө»), Собакевич (Н. Гоголдун «Өлүү жандары» б-ча), Фурначев (Салтыков-Щедрин, «Пазухиндин өлүмү»), Фирс (А. Чехов, «Алчалуу бак») ж. б. Кинодо да тартылган. СССР мамл. сыйл. (1943) лауреаты. Эки Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Загорский М., М. М. Тарханов. М.—Л., 1946.

ТАРЫХ — 1) коом м-н жаратылыштагы өнүгүүнүн ар кандай процесси (Жер Т-ы, айрым илимдердин Т-ы ж. б.); 2) адамзат коомунун өткөн жолун изилдөөчү илим. Коом Т-ы — Жер, жаратылыш Т-ынын бир бөлүгү ж-а уландысы. Коомдун Т-ы жер жүзүндө адамдын пайда болушунан башталат. Адам баласы коллективге биригип, материалдык ж-а рухий байлыктарды түзөт, мүдөөсүн канааттандырат, жаратылышты өзгөртөт. Ошону м-н бирге ал өзү ж-а ал түзгөн коомдук мамилелер да өзгөрөт. Коомдун Т-ы — айрым адамдардын, коллективдердин, жалпы эле адамзаттын конкреттүү ж-а көп кырдуу ишаракетинин жыйындысы. Адамзат жаратылыш күчтөрүнө баш ийип, сыйынуудан жаратылыш м-н коомду ач-сезимдүү өзгөртүүгө чейинки жолду басып өттү. Материалдык өндүрүштүн ж-а коомдук мамилелердин өнүгүшүнө жараша алгачкы коом коллективдеринен таптык коом аркылуу коммунизмди куруп жаткан адамдардын жалпылыгына өткөнгө чейин созулган өтө эле татаал процесс ишке ашты. Адамзаттын тарыхый өнүгүү процесси объективдүү мүнөзгө ээ.

Коомдун өнүгүшүнө көп факторлор (өндүргүч күчтөрдүн өнүгүү деңгээли, өндүрүш мамилелери ж-а ага ылайык надстройка, геогр. чөйрө, калктын өсүшү ж-а жышт., тап күрөшү, элдердин өз ара мамилеси ж. б.) таасир тийгизет. Бирок материалдык өндүрүш — аныктоочу фактор. Өндүрүш ыкмасы өндүргүч күчтөр м-н өндүрүш мамилелерин камтыйт. Ал коомдун социалдык, саясий ж-а духовный түзүлүшүн шарттап, коомдо үстөмдүк кылган мамилелердин түбин аныктайт. Коомдун материалдык турмушу тарыхый процесстин объективдүү жагын (базис), адамдардын ач-сезимдүү ишаракети субъективдүү жагын (надстройка) түзөт. Ар бир конкреттүү коомдун идеясы ж-а ага ылайык надстройкасы ал коомдо үстөмдүк кылган экон. базисти чагылдырат, о. эле коомдун өнүгүшүнө активдүү таасир тийгизет. Коомдун өнүгүшүнүн ички булагын адамзат м-н жаратылыш ортосунда ж-а коом ичинде такай пайда болуп ж-а чечилип турчу карама-каршылыктар түзөт. Коомдогу менчиктин формасы ж-а саясий мекемелердин өзгөрүшү дайыма адамдардын таптык кызыкчылыгын козгойт. Коом ичинде пайда болгон карама-каршылык тап күрөшүнүн жүрүшүндө гана чечилет. Т-ты негизинен эл массасы жаратып, ал адамзат коомунун экон., саясий ж-а духовный өнүгүшүндө чечүүчү роль ойнойт. Анын активдүүлүгү соц. рев-я, соц. ж-а коммунисттик курулуш мезгилинде өзгөчө жогорулайт. Анткени соц. рев-я дүйн. Т-тын жүрүшүн түп-тамырынан өзгөртүп, жаңы коомдук системага — тапсыз коомго өтүүгө жол ачат.

Адамзат баскан жол коомдун өнүгүү темпинин жалпы эле тездегенигүү күбө. Эгерде алгачкы жамаат түзө эвүлүшү жүз миңдеген жылдар жашаса, кийинки коомдор алда канча өнүккөн. Адамзат өнүгүшүнүн тарыхый көп-процесси бардык элдерде ж-а өлкөлөрдө бир кылка жүргөн эмес. Бирок тарыхый өнүгүштүн жалпы тенденциясы *коомдук-экономикалык формацияларды* алмашылышынан көрүнөт. Азыр эки негизги формация — *социализм* ж-а *капитализм* м-н катар Азия, Африканын бир катар элдеринде *феодализм* да сакталууда. Учурдагы коом өзүнүн өнүгүшүнүн жаңы дооруна — тапсыз коммунисттик коомду куруу дооруна өттү.

Т. илими башка илимдер сыяктуу эле адамзаттын көптөгөн муундарынын тажрыйбасын өзүнө сиңирип, мазмуну кеңиген. Коомдук кубулуш ж-а процесстерди иликтөө ыкмасы б-ча бардык коомдук илимдер тарыхый болуп эсептелет. Коомдун Т-тын изилдеген илимдердин жыйындысы табият ж-а так илимдерден айырмаланып, коомдук илимдер системасын түзөт. Т. илими адамзат коому пайда болгондон анын азыркы абалына чейинки коом турмушун, өткөн ж-а учурдагы фактыларга таянып, негизинен конкреттүү Т-тын изилдейт. Т. ар кыл окуя, көрүнүш ж-а процесстер ж-дө факт топтоо, баяндоо м-н гана чектелбестен, фактыларды талдоонун негизинде коомдогу айрым көрүнүш ж-а процесстердин маңызын түшүндүрүп, анын өзгөчө закондорун ачып, ал ачылыштардын баарын теориялык жактан жалпылайт.

Т. илимин өнүгүшү м-н тарыхый көрүнүштөрдү таануу ж-а түшүнүү методу да өзгөрдү. 19-к-дын ортосуна чейин тарыхчылар метафиз. методдорду колдонгондуктан коомдогу айрым факторлордун, табигый шарттын, көрүнүктүү адамдын, коомдук идеянын ж. б-дын ролу бир жактуу бааланган. Натыйжада чыныгы ил. методдун жоктугунан Т. илими да жай өнүккөн. Марксизм пайда болгондон калыптанган чыныгы ил. метод гана Т. илимин тез темпте өнүгүшүнө шарт түзгөн. Историзм бардык коомдук илимдер үчүн коомдук турмуш процесстери м-н фактыларын изилдөөнүн керектүү шарты болуп саналат. Марксизмдин пайда болушу м-н историзм коомдук илимдер, о. эле Т. үчүн тарыхый процесстин закон ченемдерин изилдөөнүн ил. методуна айланган. Т.— айныбас парт. илим. Анын партиялуулугу баарынан мурда теориялык корутундулардан көрүнөт. Коомдун тарыхый өнүгүшүнүн прогрессчил тенденцияларына каршы турган таптар Т-тын чыныгы ил. өнүгүшүнө кедерги болууда. Бүрж. тарыхчылар Т-ты иск-во, илим м-н исквонун айкалышы, таанымдын өзгөчө түрү деп эсептешет. Ал эми рев-ячыл тап, коммунисттик партия. коомдук алдыңкы теория ж-а окуу Т. илимининн ыкчам өнүгүшүнө шарт түзүүдө. Азыр Т. илими ар кыл топтордон турат. Биринчи топту коомдун тарыхын бүтүндөй (дүйн. Т.) же анын айрым учурларын изилдөөчү болүмдөр ж-а тармактар түзөт. Экинчи топко көмөкчү ж-а атайын илимдер: дарек таануу, археография, палеография, дипломатика ж. б. кирет. Табият таануу Т-ы, техника Т-ы, мамлекет ж-а укук Т-ы, аскер өнөрү Т-ы ж. б. аралаш илимдер өзгөчө топту түзөт. Т. илимининн тарыхын *историография* изилдейт. Т. илим катары маанилүү коомдук милдет аткарат. Анын жетишкендиктеринин негизинде гана коомдун өнүгүү закондору ачылат Маркстик Т. илими адамды комму-

нисттик духта тарбиялоодо өз таасирин тийгизсе, азыркы реакциячыл историография тарыхый материалды антикоммунизм идеясында түшүндүрөт. СССР ж-а соц. башка өлкөлөрдө коомдун өткөн ж-а учурдагы тарыхын үйрөнүү м-н адамзат коомунун өнүгүшүнүн жог. даражасы — коммунизмге өтүү жолдорун изилдеген марксчыл-ленинчил историография өнүгүүдө. Т. салаасындагы ил. иштер, ил. из. тарых ин-ттары, ун-т, музей, архив ж. б-ларда жүргүзүлөт.

Ад.: Маркс К., Энгельс Ф., Немецкая идеология, Соч., 2 изд., т. 3; Маркс К., Энгельс Ф., Коммунистик партиянын манифести, Фр., 1975; Всемирная история, т. 1—10, М., 1955—65; История СССР. С древнейших времён до наших дней, в 2-х сериях, в 12 тт., т. 1—9, М., 1966—71; Сказкин С. Д., История — увлекательная наука, М., 1961.

ТАРЫХ ИНСТИТУТУ Кыргыз ССР ИАнын—кыргыздардын ж-а Кыргыздын байыркы замандан бүгүнкү күнгө чейинки тарыхын изилдөөчү ил. мекеме. 1943-ж. СССР ИАнын Кыргыз филиалы ачылгандан баштап Тил, ад-т ж-а тарых ин-тунун составында иштеген. 1954-жылдан өзүнчө ин-т. Ин-тта негизинен Улуу Окт. соц. рев-ясынын, соц. ж-а коммунисттик курулуштун тарыхы, Кырг-ндагы коомдук өнүгүүнүн закон ченемдери багытында ил. изилдөө жүргүзүлөт. Анын ил. булагын атайы экспедицияларда чогултулган арх-ялык, этногр. материалдар, о. эле байыркы заман м-н о. кылымдагы жазма даректер ж. б. түзөт. Анын 9 сектору бар: Кырг-ндын жаңы мезгилдеги тарыхы; байыркы ж-а о. кылымдагы тарыхы; археология; этнография; историография ж-а дарек таануу; реставрациялоо ж-а ил. консервациялоо; Октябрь рев-ясы ж-а гражд. согуш тарыхы; соц. курулуштун комплекстүү проблемасынын тарыхы; коммунисттик курулуштун жалпы проблемасынын тарыхы. 80ден ашуун илимпоз эмгектенет, анын 9у илимд. доктору, 22си — илимд. кандидаты (1979).

Ин-ттун директорлору (өз алдынча ин-т болгондон кийинки): 1954—56-ж. С. *Табышалиев*, 1956—77-ж. К. *Оросалиев*, 1977-жылдан А. *Каниметов*.

«ТАРЫХКА МОНИСТТИК КӨЗ КАРАШТЫН ӨНҮГҮШҮ ЖӨНҮНДӨГҮ МАСЕЛЕГЕ КАРАТА» — Г. В. Плехановдун филос. чыгармасы. Народниктердин субъективдүү идеализмине каршы багытталып, тарыхты материалистче түшүнүүнүн маселелерин айкындоого арналып, Россияда марксизмдин таралышына зор салым кошкон. Чыгарма 1895-ж. Бельтов деген псевдоним м-н жарык көргөн. Орус марксчылары м-н народниктеринин күрөшү филос. маселелерге да оогон мезгилде жазылган. Плеханов 18—19-к-дагы дүйн. коомдук ойдун тарыхын иликтеп, марксизм коомдук өнүгүүнүн зарыл ж-а закон ченемдүү натыйжасы экендигин көрсөткөн. Марксизм коом ж-дөгү идеалисттик ойлорду төгүндөп, метафиз. материализмдин чектелгендиктерин кайталабай, ар кандай коомдук кубулушту ил. негизде түшүндүргөндүгүн белгилеген. Тарыхый материализмди «экономикалык материализм», ал турсун расизм м-н алмаштырууга аракет кылгандарга сокку урган. Плеханов Маркстын экон. түзүлүштү коомдук турмуштун негизи катары көрсөтүүгө адам оюнун зор жетишкендиги катары баалаган. Чыгарма народниктердин «каармандар» ж-а «калың эл» ж-дөгү теорияларын талкалоодо, личность м-н массанын тарыхтагы ролу ж-дөгү марксчыл идеяны негиздөөдө зор мааниге ээ болгон. Тарыхый өнүгүүдө калың эл ач-сезимдүүлүк м-н козголмоюн жеке «каармандар» эч перс жасай албастыгы чыгармада баса айтылган. Кээ бир душмандар белгилегендей диалек. материализм экон. зарылдыктын алдында кол куушурууга чакырбастан, аны кандайча башкарууну үйротору көрсөтүлгөн. Плеханов марксизмди болуп-жарууга аракеттенгендерге каршы чыгып, тарыхый ж-а диалек. материализмдин ажырагыс байланышын, тарыхты материалистче түшүнүү табиятты диалек. матер. түшүнүүнү талап кыларын далилдеген. Маркстын филос., социол., экон. теорияларынын биримдигин белгилеп, марксизмди пролетариаттын рев-ячыл көз карашы катары мүнөздөгөн. Чыгарма диалек. ж-а тарыхый материализмдин негизги жоболорун, о. эле философия тарыхынын уруттуу учурларын марксчыл баалоону системалуу баяндоонун тажрыйбасы болгон. Ал орус марксчыларынын көптөгөн мүчүдарын тарбиялаган. Көп жолу кайра басылган.

Ад.: Маркс К., Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 20; Плеханов Г. В., К вопросу о развитии монистического взгляда на историю, М., 1949; Науменко Л. К., Монизм как принцип диалектической логики, А.-А., 1968.

ТАРЫХ МУЗЕЙЛЕРИ — адам коомунун өнүгүшүн чагылдыра турган материалдык ж-а маданий эстеликтерди чогултуучу, сактоочу, изилдөөчү ж-а элге көрсөтүүчү ил. мекеме. Т. м. жалпы тарыхый профиль (өлкөнүн, респ-канын, шаардын ж. б. тарыхын), же тарыхтын атайы болүгү (арх-я, этнография) же тарыхтын өз алдынча тармагы (тарыхый-аскердик) б-ча болот. Тарыхый маанисин бар эстеликтерди жыйноо дүйнөнүн ар кайсы булуң-бурчтарында байыртан эле башталган. Мисалы жылдарга созулган Түн. Африкадагы, Азиядагы, Европадагы ж-а Америкадагы байыркы цивилизация эч убакта маанисин жоготпой турган тарыхый ж-а көркөм эстеликтерди калтырган. Мындай эстеликтерди чогултканбардын эң байыркыларына Ашшур ш-ндагы Храм китепканасы (б. з. ч. 11-к.), Криттеги Кнос сарайы (б. з. ч. 16-к.), Ниневий сарайындагы китепкана (б. з. ч. 7-к.) ж. б. кирет.

Россияда 16—18-к-да эстеликтерди топтоо, музейлер уюштуруу кызуу башталган. Азыр дүйн. маанеге ээ болгон атактуу музейлер — *Кунсткамера* м-н *Эрмитаж* 18-к-да түзүлгөн. Ушулардай эле Россиянын Новгород, Киев, Владимир, Москва, Петербург, Ярославль, Псков, Чернигов, Тамбов, Рязань, Саратов, Симбирск, Рига сыяктуу ири ш-ларында музейлер түзүлгөн. Совет бийлиги орногондон кийин Т. м-не өзгөчө көңүл бурулуп, бардык ири шаарларда, союздук ж-а автономия респ-калардын борборлорунда түрдүү тармактар б-ча музейлер уюштурулуп, алардагы эстеликтер жыл сайын көбөйүүдө. Улуу Ата Мек. согуштан кийин тарых, рев-ю, кыралдуу-күчтөр музейлери көп жерлерде уюштурулду.

Тарыхый ж-а көркөм эстеликтерди атайы чогултуу иштери чет өлкөлөрдө Кайра жаралуу доорунда, Улуу геогр. ачылыштар мезгилинде өөрчүгөн. Өзүнүн негизинде Британияда (1753), Францияда (1837), Италияда (1906), Германияда (1825), Испанияда (1807), Египетте (19-к.), Индияда (1814), АКШда (1875) улуттук-тарыхый музейлери уюштурулган. Азия өлкөлөрүндөгү улуттук-бошт. күрөштүн, бурж. рев-ялардын өсүшү Т. м-н уюштуруу процессин тездетип, Сирия (1919), Ирак (1923), Түркия (1923), Иран (1938) ж. б. өлкөлөрдө улуттук Т. м. түзүлгөн. Экинчи дүйн. согуштан (1939—45) кийин соц. өлкөлөрдө фашизмге, колониализмге каршы баатырдык элдик күрөштөргө, маанилүү улуттук кыймылдарга ж-а соц. курулушка, элдик армиялардын иш-аракетине байланыштуу Варшава, Прага, Бухарест, София, Белград, Ханой, Пекин ж. б. ш-ларда музейлер түзүлдү.

Кыргызстанда Т. м. Кырг-н облаткомунун Президиумунун чечими б-ча 1926-ж. түзүлүп, Кыргыз АССРнин 1-Уюштуруу съезди ишин баштаган күнү ачылган. Адегенде Край таануу музейи, 1943-жылдан СССР ИАнын Кыргыз филиалынын Улуттук мад-т музейи, 1954-жылдан Тарых музейи. 1967-жылдан музей Кыргыз ССР ЭКСтин 1928-ж. курулган имаратында (арх. А. П. Зенков). Жалпы аянты 5400 $м^2$. Экспозициялык 45 залына (3500 $м^2$) буюмдар, элдик колдонмо өнөрдүн чыг-лары, документтер, фотографиялар жайгаштырылган. Алар Кырг-ндын эң байыркы мезгилден азыркыга чейинки тарыхынан ырааттуу кабар берет. Экспозицияларын башкы болүмү респ-каным Совет бийлиги тушундагы тарыхына арналып, анда Кырг-ндын чарб. ж-а маданий курулуштагы ийгиликтери, кырг-ндыктардын Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) көрсөткөн эрдиктери, респ-канын эмгекчилеринин коммунизмди курууга активдүү катышын жаткан азыркы учуру жетиштүү көргөзүлгөн. Музейдин фондусунда 24 миң ар кыл буюм (сакталуучу бирдиктер) бар (1976). Анын экспонаттары, фонду ж-а экспозициялары арх-я-

лык көп коллекцияга бай. Алардын арасында Шамшы алтын буюмдарынын казынасы, Өзгөн, Бурана ж. б. шаар урандыларынан табылган буюмдар, тургөш, караханилер тушундагы ж-а андан кийинки кездердеги тыйындар казынасы бар. Музейге кыргыздын улуттук, о. эле Кокон хандыгы мезгилиндеги курал-жарак колекциялары, кыргыздын кийимдери, тричилик буюмдары, кымбат баалуу ж-а жөнөкөй металлдардан, айнек, карапа, тери, сөөк, жыгачтан жасалган асем буюмдар көюлган. Кырг-ндагы рев-ячыл кыймылга ж-а Гражд. согушка катышкандардын, Улуу Ата Мек. согушка (1941—45) чейинки беш жылдыктардын удаалыктеринин документтери м-н жеке буюмдары да сакталган. Музейдин жылына 300 миңден ашуун адам көрүп турат. Анда лийримдер, киполекторий иштеп, көчмө ж-а туруктуу көргөзмөлөр уюштурулат. 5 бөлүмү ил. иш жүргүзөт. Алардын ишин музейдин окумуштуулар совети координациялап багытайт. Кыргызстан тарых музейи — Музейлердин Бүткүл союздук советине мүчө. Т. м. 1976-ж. түзүлгөндүгүнүн 50 жылдыгын белгиледи.

Ад.: Равгон А. М., Исторические музеи в России (с начала XVIII в. до 1861 г.), в сб.: Тр. н.-н. ин-та музееведения, в. 9, М., 1963; По музеям зарубежных стран, Сб. ст., М., 1960; Реликвии боевой славы, Сб., М., 1962.

ТАРЫХЫЙ ГЕОГРАФИЯ — айрым өлкөнүн же аймактын өткөндөгү физ., экон. ж-а саясий географиясын, жаратылыш м-н коомдун өз ара аракетин изилдейт; тарых м-н географияны көпкөн коомдук-геогр. илим. Т. г. маалыматтары коомдун өнүгүшүнүн ар кандай мезгилинде айрым өлкөдө, аймакта өндүрүштүн өсүшүн айкындайт. Ички ж-а тышкы чек араның географиясын, шаар, кыштак, чеп ж. б-дын жайгашуусун, тарыхый окуяларды (жортуул, салгылаш, саякат, соода, катнаш жолу) ж-а алардын геогр. өзгөчөлүгүн көрсөтөт. Т. г. жазма ж-а арх-ялык эстеликтерге, топонимикалык ж-а тил маалыматтарына, өткөндөгү табигый ландшафттарды кайра калыбына келтирүү жолдоруна таянат. Алардын негизинде тарыхый карталар түзүлөт, өндүрүчү күчтөрдүн өнүгүшү, жайгашуусу ж-а деңгээли аныкталып, коомдун өсүшүнүн өзгөчөлүгү көрүнөт. Акыркы мезгилде тарыхый-геогр. изилдөөлөр өткөн доорлордогу геогр. кырдаалды ж-а геогр. көрүнүштөрдү элестетүүчү геогр. процесстерди кайра түзүүгө өтө көңүл бурууда. Т. г. проблемалары б-ча СССР ИАнын СССР тарыхы ин-тунун Т. г. сектору иштейт.

Ад.: Гольденберг Л. А., Место исторической географии в системе наук, в сб.: Актуальные вопросы советской географической науки, М., 1972; Изучение исторической географии СССР на современном этапе, М., 1974; Историческая география, «XXIII международный геогр. конгресс», сб. 9, М., 1976.

ТАРЫХЫЙ ГЕОЛОГИЯ — геологиянын жер кыртышынын тарыхын ж-а өөрчүү закон ченемин изилдөөчү тармагы, к. *Геология*.

ТАРЫХЫЙ МАТЕРИАЛИЗМ (тарыхты материалистче түшүнүү) — коом өнүгүшүнүн марксчыл теориясы ж-а аны таанып-билүүнүн методологиясы. Т. м-дин предмети — коом, тарыхый процесстин жалпы закондору ж-а кыймылдаткыч күчтөрү. Т. м.—марксчыл-ленинчил философиянын составдык бөлүгү, онону м-н бирге коомдук илимдер системасынын өзгөчө компоненти. Анын диалектикалык материализм м-н тыгыз байланышта болушу коомду изилдеген өз алдынча филос. илим экендигине шек келтирбейт. Т. м-дин өзүнө тиешелүү түшүнүктөр аппараты ж-а социалдык таанымдын филос.-социол. методологиясы бар. Адам иш-аракетин изилдеген ар кандай социалдык теория ач-сезимдин бытпеге болгон мамилесине барып такалышпан улам Т. м-дин зарылдыгы чыгат. Ал диалек. материализмдин башкы жоболоруна ж-а тарых фактыларына таянып, философиянын негизги маселесинин коомдо көрүнүшүн, б. а. коомдук ач-сезим м-н коомдук бытиенин өз ара карым-катнашын изилдейт. Т. м-ди түзүүчүлөр коом өнүгүшүнүн закондорун ж-а кыймылдаткыч күчтөрүн ачып, социологияны коом ж-дөгү чыныгы илимге айландырышкан.

Марксизмге чейин коом ж-дөгү көз карашта бүт бойдон идеализм үстөмдүк кылган. Мындай көз карашты К. Маркска чейинки материалисттерге да таандык болгон.

Т. м-дин пайда болушунун социалдык обөлгөлөрү капитализмдин өнүгүшүнө, пролетариаттын тап күрөшүнө байланышкан. Т. м. өзүнөн мурунку социалдык философия м-н коомдук илимдердин жетишкендиктерин пайдаланган. К. Маркс м-н Ф. Энгельске чейин да тарыхый зарылдык ж-а коом өнүгүшү ж-дөгү идеялар айтылган (Ж. Вико, Г. Гегель), парктын эмгек теориясы түзүлгөн (А. Смит, Д. Рикардо), тап күрөшү ачылган (Ф. Минье, Ф. Гизо), утопиялык түзө болсо да социализмдин кээ бир белгилери алдын ала көрсөтүлгөн (Т. Мор, Ш. Фурье, А. Сен-Симон, Р. Оуэн ж. б.).

Т. м-дин баштапкы жоболорун К. Маркс ж-а Ф. Энгельс 19-к-дын 40-жылдарында иштеп чыгышкан. Алар Т. м-дин негизги принциптерин адегенде өзөрүнүн «Немец идеологиясы» (1845—46) деген эмгегинде негиздешкен. Тарыхтын марксчыл концепциясын иштеп чыгууда «Философиянын жакырлыгы» (1847), «Коммунисттик партиянын манифести» (1847), «Луи Бонапарттын он сегизинчи брюмери» (1852) ж. б. эмгектери чоң мааниге ээ болгон. «Саясий экономиянын сындоого карата» (1859) деген эмгектин кириш сөзүндө Т. м-дин ток этеп кыскача мүнөздөмөсү берилген. Жүрөкжүрөө коомдук кубулуштарды изилдөөдө Т. м. ил. гипотезадан чыдыкка айланган. К. Маркстын «Капиталы» (1867) чыккан соң анын аныктыгы биротоло ырасталган.

Т. м. философиянын өнүгүшүндө ж-а коом таанууда пакта төңкөрүш жасады. Ал коомду материя өнүмдүлүнүн социалдык формасы катары карап, ага карата филос. көз караштын жалпы принциптерин тактоого, социалдык таанымдын табиятын аныктоого мүмкүндүк берди. Т. м-дин негизги категориялары: коомдук бытие, коомдук аң-сезим, коомдук-экон. формация, өндүрүш жолу, өндүрүчү күчтөр, өндүрүштүк мамиле, базис, надстройка, социалдык рев-я, коомдук аң-сезимдин формалары. Т. м-дин башкы принциптери: коомдук бытиенин коомдук аң-сезимге карата биричиликтигин, коомдук турмушта коомдук аң-сезимдин активдүү ролун таануу; коомдук мамилелердин ичинен адамдар ортосундагы бардык мамилелерди аныктаган өндүрүш мамилелерин коомдун экон. структурасы катары белгүү; тарыхта өнүгүүнү таануу ж-а аны коомдук-экон. формацияларды алмашуу, закон ченемдүү кыймыл процесси катары түшүнүү. Бул принциптерди иштеп чыгуу ж-а колдонуу марксизмге чейинки тарыхый ж-а социол. теорияларды башкы ылеттеринен кутулууга алып келди. Т. м. коомду табияттан таптакыр бөлүүнү же экөөнү теңештирүүнү четке кагат. Коомдун өзгөчөлүү социалдык системаны түзгөн коомдук мамилелерден ж-а мал-ттан көрүнөт. Социалдык системаны мүнөзү аның табияты өз кызыкчылыгына багындыруусуна, өндүрүчү күчтөрдүн өнүгүшүнө жараша болот. Коомдук турмуштун негизин өндүрүш түзөт.

Материалдык байлыкты өндүрүү жолу турмуштун бардык социалдык, саясий ж-а духовный процесстерин шарттайт. «Адамдардын ач-сезимин алардын бытиесин аныктабайт, тескерисинче, коомдук бытие алардын ач-сезимин аныктайт» (Маркс К., Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 13, с. 6—7). Бирок Т. м. экономиканы тарыхтын бирден бир активдүү күчү деп эсептеген экон. материализмден кескин айырмаланат. Ал түрдүү коомдук кубулуштардын салыштырма өз алдынчалыгын ж-а өзгөчөлүктөрүн чырастайт. Коомдун өнүгүшүнө субъективдүү фактордун зор маанисин белгилейт. Тарых — түркүн коомдук кубулуштардын, социалдык күчтөрдүн өтө катар тагаал аракеттеринин натыйжасы. Бирок коомдун мүнөзүн материалдык өндүрүш аныктайт.

Коомдук-экон. формация ж-дөгү түшүнүк — Т. м-дин маанилүү категориясы. Бул түшүнүк тарыхый өнүгүүнүн бирдей баскычында турган түрдүү өлкөлөрдүн жалпы белгилерин айкындоого, коом өнүгүүсүнүн объективдүү закондорун таанып-билүүгө мүмкүндүк берет. Ар бир коомдук-экон. формация — өзүнчө «социалдык организм». Анын өзгөчөлүгү оболу

формацияның базисин түзгөн материалдык өндүрүш мамилелери м-н шартталат. Социалдык организмдин «сөөгүн» — базис, «этин» — надстройка (идеол., саясий, аден-ахлактык, укук ж. б. мамилелер, к. *Базис жана надстройка)* түзөт десе болот. Базис ж-а надстройка ар бир формацияны өзгөчөлүгүн даана туюндурат. Коомдук-экон. формациялар социалдык организмдин жашоосуна зарыл болгон булардан башка да өндүрүчү күчтор, тил, илим сыяктуу бир катар коомдук кубулуштарды өз кучагына камтыйт. Алар базис ж-а надстройка м-н байланышкан, бирок экөөнө тең кирбейт.

Тарыхый процессти коомдук-экон. формацияларды өнүгүүсүнүн ж-а алмашуусунун диалектикасы түзөт. Бир коомдук-экон. формациядан экинчи жог. коомдук-экон. формацияга өтүүнүн тарыхый зарылдыгын аныктаган ж-а тарыхый прогресстин мацызын түшүнүүгө мүмкүндүк берген жалпы социол. закон — К. Маркс ачкан өндүрүш мамилелеринин өндүрүчү күчтөрго дал келүү закону. Өндүрүчү күчтөр өндүрүш мамилелерин аныктайт. Өндүрүш мамилелеринин өндүрүчү күчтөрго ылайык келиши өндүрүчү күчтөрдүн нормалдуу өнүгүүсү үчүн зарыл. Өндүрүчү күчтөр жүрөжүрө жашап турган өндүрүш мамилелер м-н шайкеш келбей, экөөнүн ортосунда карама-каршылык пайда болот да, өндүрүш мамилелери өндүрүчү күчтөрдүн өсүшүнө тоскоол кылат. Натыйжада социалдык рев-я болуп, коомдун базиси ж-а надстройкасы өзгөрөт. Социалдык рев-я — соц. доорго чейинки коомдун прогресстүү өнүгүшүндө бир коомдук-экон. формациядан экинчисине өтүүнүн закон ченемдүү формасы. Коомдун өнүгүү тепкичтерин алгачкы жамаат, кул ээлик, феод., капит., коммунисттик коомдук-экон. формациялар түзөт. Байыркы жамаат ж-а коммунисттик коомдон башкасы таптык эзүүгө ж-а антагонизмге негизделген. Тап күрөшү — антагонисттик коомдун өнүгүүсүнүн кыймылдаткыч күчү. Тап кызыкчылыктары тап идеологиясында чагылдырылат. Идеология социалдык ролу б-ча прогрессчил ж-а реакциячыл, рев-ячыл ж-а консервативдик, болмушту чагылдыруу мүнөзү б-ча ил. ж-а бейилим, иллюзордук болуп бөлүнөт. Т. м. ар кандай идеологияны парт. позициядa кароону талап кылат. *Марксизм-ленинизм* гана рев-ячыл ж-а чыныгы ил. идеология болуп эсептелет. Маркчыл принциптин партиялуулугу коомдук кубулуштарды ил. талдоого мүмкүндүк берет. Таптык мамиле кылуу м-н гана Т. м. мамлекеттин табиятын ил. аныктады. Таптардын пайда болушу ж-а таптык өлдешкис карама-каршылыктар мамлекетти жараткан. Мамлекеттин жардамы м-н экон. жактан үстөмдүк кылган тап саясий бийлигин жүргүзгөн. Антагонисттик коомдо мамлекет — бир таптын экинчи тапты эзүүсүнүн куралы. Пролетариат диктатурасы — мамлекеттин сапаттык жаңы түрү. Ал эзүүчү тапты жоюп, коомдук менчикти түзөт. Соц. мамлекетте таптык эзүү жоюлат, бирок эмгекчи таптардын, социалдык топтордун ортосунда айырмачылыктар сакталып калат. Ал бара-бара тапсыз социалдык бир текстүү коом — коммунизмге өтүүгө оболгө түзөт. Тарыхый өнүгүүнүн Т. м. иштеп чыккан жалпы концепциясы коомдук кубулуштарды таанып-билүүдө зор мааниге ээ. Т. м. тарыхты түшүндүрүүдө фатализмге ж-а волюнтаризмге каршы турат. Тарых — закон ченемдүү процесс. Аны эл өз эркн м-н каалагандай жарата албайт. Бирок тарыхый өнүгүшкө элдин демилгеси, активдүүлүгү чоң таасир тийгизет.

Т. м-дин өнүгүшүнө В. И. Ленин эбегейсиз салым кошкон. Ал империализм доорундагы пролетариаттын тап күрөшүнүн, СССРдеги пролетардык рев-янын ж-а соц. курулуштун алгачкы тажрыйбаларын жалпылап, тап күрөшүнүн, улуттун, улуттукбошт. кыймылдын, соц. рев-яның, пролетариат диктатурасынын, мад-ттын маркчыл теорияларын жаңы шартта өнүктүргөн.

Марксизм-ленинизм принциптерине таянган коммунисттик ж-а жумушчу партиялар Т. м-ди азыркы шартка жараша негизинен 3 багытта өнүктүрүүдө. 1) Соц., өнүккөн капит., о. эле соц. ж-а соц. эмес ориентацияда өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөгү социалдык процесстерди талдоого байланышкан. Бул багытта коомдук формациялар теориясы, коомдун социалдык-таптык структурасын изилдөө ыкмалары, коомдук аң-сезимдин өнүгүү өзгөчөлүктөрү, капитализмден социализмге өтүүдөгү жалпы закон ченемдер ж-а бөтөнчө шарттар, ил.-тех. рев-яның социалдык натыйжалары иликтенүүдө. 2) Коомдук илимдердин методол. маселелерин иштеп чыгууга байланышкан. Жаңы социалдык кубулуштарды теориялык жалпылоодон өткөрүү зарылдыгы ж-а коомдук илимдердин маанисинин өсүшү бул багыттагы изилдөөлөрдүн салмагын арттырат. 3) Изилдөөнүн кээ бир жалпы мүнөздөгү ыкмаларын коомду таанып-билүү үчүн колдонууга байланышкан (системалык мамиле, математ. методдор, структуралык-функциялык мамиле ж. б.). Илимдердин өз ара байланышынан, социалдык изилдөөнүн жаңы методдорунан жаралган методол. маселелер Т. м-дин объектисине кирет. Коом өнүгүүсүнүн ж-а социалдык таанымдын башкы теориялык маселелери б-ча Т. м-ге бурж. социология каршы турат. Бурж. социологиянын көпчүлүк өкүлдөрү Т. м-дин негизги принциптерине шек келтиришет. Алар өзгөчө капитализм тарыхтагы акыркы антагонисттик формация, аны сөзсүз коммунисттик коом алмаштырат, капитализмден социализмге өтүү сөзсүз соц. рев-я ж-а пролетариат диктатурасы аркылуу ишке ашат деген тезисти төгүндөөго далалаттанып, Т. м.— идеол. гана конструкция дешет. Маркчыл философтор Т. м-ди ар кандай бурмалоонун бетин ачууда. Иш жүзүндө коом ж-дөгү илимдердин түркүн чөйрөсүнүн өнүгүшү м-н социалдык таанымдын жалпы теориясы ж-а методологиясы катары Т. м-дин мааниси өсүүдө.

Лб.: Маркс К., Энгельс Ф., Немецкая идеология, Соч., 2 изд., т. 3; алардыкы, Коммунисттик партиянын манифести, Маркс К., Энгельс Ф., Танд. чыг., 1-т.; Маркс К., Луи Бонапарттын он сегизинчи брюмери, ошондо; ошонуку, Гота программасына сын, Танд. чыг., 2-т.; его же, Капитал, Соч., 2 изд., т. 23—25; Энгельс Ф., Анти-Дюринг, Фр., 1964; ошонуку, Үй-бүлөнүн, жеке менчиктин жана мамлекеттин келип чыгышы, Фр., 1970; Ленин В. И., «Эл достору» деген эмне жана алар социал-демократтарга каршы кандай күрөшүн жатат?, Чыг., кырг. 1-бас., 1-т.; ошонуку, Эмне кылуу керек?, ошондо, 5-т.; ошонуку, Материализм жана эмпириокритицизм, ошондо, 14-т.; ошонуку, Марксизмдин үч булагы жана үч составдык бөлүгү, ошондо, 19-т.; ошонуку, Империализм — капитализмдин жогорку стадиясы, ошондо, 22-т.; ошонуку. Мамлекет жана революция, ошондо, 25-т.; Исторический материализм, под ред. Ф. В. Константинова, 2 изд., М., 1954; Келле В. Ж., Ковальзон М. Я., Исторический материализм, М., 1969; Исторический материализм, ред. А. П. Шептулина и В. И. Рузавина, М., 1974.


ТАРЫХЫЙ МЕКТЕП (фольклордо)— 19-к-дын аягы — 20-к-дын башындагы орус фольклористикасынын белгилүү агымдарынын бири. Мифологиялык ж-а үйрөнүп алуу мектептеринен айырмаланып, Т. м. орус фольклорун орус тарыхынын негизинде түшүндүрүүгө аракет кылган. Т. м-ти жактагандар (В. Ф. Миллер, А. В. Марков, С. К. Шамбинаго ж. б.) байыркы орус жаама эстеликтерин изилдешип, орус баатырдык *былиналар* м-н тарыхый ырларына параллелдер таап, орус эпосторунун тарыхый географиясын түзүшкөн; бир топ экспедициялар уюштуруп, баалуу жыйнактар чыгарышкан. Алар, о. эле былиналар м-н тарыхый ырларды оозеки жыл баян деп эсептешип, былиналарды кыязлар жамаатын пайда кылган, ал эми тарыхый окуялар коркөм чыгарманын мазмунуна туура келбесе, аны дыйкандар жамаатын бузган деп түшүндүрүшкөн. Т. м. эпостун поэтикасын изилдеген эмес. Методологиясынын чабалдыгына карабастан Т. м. бир топ убакыт эл аралык мааниге ээ болгон, орус фольклористикасын өөрчүтүүгө кыйла салым кошкон.

ТАРЫХЫЙ СӨЗДОР, к. *Историзмдер.*

ТАСКАК — жылкы жүрүшүнүн бир түрү; желдирүү, ыкчам жүрүш, к. *Аллюр.*

ТАСМА — Ысык-Көл обл-ныи Түп р-нундагы Тасма айыл советине карактуу кыштак. Ленин комсомолу атн. к-здун борбору. Райондун борбору Түптон 33 *км* чыгыш тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 220 *км.* Калкы 779 (1979). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт, төрөт үйү бар. 1928-ж. орношкон.

ТАСМА КУРТТАР, цестодалар (Cestoidea) — омурткасыз жаныбарлардын жалпак курттар типчесиндеги класс. Жетилгендери омурткалуу



1. Тасма курт: жалпы көрүнүшү.

жаныбарлар м-н кишинин ичегисинде мителик кылат. Т. к-дын 3000 түрү белгилүү. Уз. бир нече *мм*ден 20 мге жеткен тасма сымал денеси 2ден бир нече миңге чейин муунактарга бөлүнгөн. Алдыңкы бөлүгүндө соргучу, жабышуучу органы бар башы жайгашкан. Денеси эң майда өсүндүлөрү бар эпителий м-н капталган.



2. Тасма курттун бир мууну (сегменти): *1* — бөлүп чыгаруу түтүгү; *2* — уруктары; *3* — өзөлик клетка; *4* — кабыктуу без; *5*—жатын.

Т. к-дын ичегиси жок, азык-затты бүт денеси м-н сиңирет. Алар — дээрлик гермафродиттер. Тиричилик цикли татаал, эсэин алмаштыруу м-н өтөт; 1 же 2 аралык эсэи болушу мүмкүн. Эки аралык ээлүү Т. к-дын жумурткасы акыркы эсэинин заңы м-н тышка чыгат. Ал 1-аралык эсэинин (полихета, сүлүк, рак сымалдар ж. б.) азыгы м-н кошо жутулуп, карынында онкосферага (1-личинка) айланат. Аралык эсэинин дене көндөйүнө же кандайдыр органына барып, андан финн, эхинококк ж. б. (2-личинка) өсөт. Аралык 2 эсэи бар Т. к-дын 1-эсэи рак сымалдар, 2-си балыктар. Аны аралык эсэи м-н кошо акыркы эсэи жейт. Анын ичегисине бекинип алган личинкасынан Т. к. жетилет. Т. к. кишинин *эхинококкоз*, теницдоз ж. б. ооруларын козгойт.

ТАСМАЛООЧУ МАШИНА — тасмадагы булаларды тегиздөө ж-а жарыш кылып түздөө, о. эле бир нече буланы бириктирип созуу аркылуу буладардын жоондугун бири бирине туурасынан ооч текстиль машинасы. Т. м-нын жумуш аткаргыч негизги тетиги — соргуч. Азыркы Т. м-ныи созуу ылдамдыгы кебез жипти ийрүүдө 500 *м/мин*га, жүн, жибек ж-а кендир жиптерин ийрүүдө 200 *м/мин*га жетет. Буланы иштетүүнү кыскартуу үчүн кээ бир Т. м-га созуунү жөндөгүч орнотулуп, ал тасмадагы буланын керектүү өлчөмгө чейин созулушун автоматтык түрдө жонго салат. Созулган ж-а созулуучу тасманы өлчөө м-н жөндөгүч улам созулуп жаткан тасманын ичке, жоондугуна карата ал була ороло турган цилиндрдин ылдамдыгын чоңойтуп же кичирейтип, буланы созуунү өзгөртөт.

ТАСМАЛУУ КЫЙМЫЛ ӨТКӨРГҮЧ — айлануу кыймылын валга бекитилген шкив ж-а жылуучу тасма аркылуу өткөрүүчү механизм. Шкивдерге коршлип турган тасма жетелөөчү шкивден жетелеңме шкивге айланма моментти өткөрөт. Т. к. о. пайдаланылуучу тасманын тибине жараша жалпак тасмалуу, кайчылаш тасмалуу ж-а жумуру тасмалуу болуп айырмаланат. Т. к. о-түн артыкчылыгы — конструкциясынын жөнөкөйлүүлүгү, арзандыгы, 15 *м*ге ж-а андан көп аралыкка чейин кубаттуулукту берүү жөндөмдүүлүгү, бир калыпта ж-а күүлдөбөй иштеши. Ал а. ч. машинасынын, *электр генераторунун,* айрым станоктордун, текстиль ж. б. машиналардын жүргүзгүчтөрүндө колдонулат.

ТАСМАН ДЕҢИЗИ — Тынч океандагы четки деңиз. Австралия, Тасмания, Жаңы Зеландия, Норфолк ж-а Жаңы Каледония а-дарынын ортосунда. Түш.-батышында Басс кысыгы аркылуу Инди океаны м-н түтөшөт. Терени. 5466 *м*. Орто бөлүгү м-н суу астындагы кырка тоо өтөт (100—300 *м*). Суунун үстүнкү бетинин темп-расы кышында 22—9°С, жайында 25—15°С. Тузд. 35—35,5‰. Суткасына 2 жолу ташкындайт; бийикт. 5,3 *м*ге чейин. Балыктары: учуучу балык, тунец, селебе балык, сельд ж. б. Негизги порттору: Сидней, Брисбен, Нъюкасл (Австралия), Окленд, Нью-Плимут (Жаңы Зеландия). Голланд деңиз саякатчысы А. Тасмандын ысмынан аталган.

ТАСМАНИЯ — Австралияның түш.-чыгыш жээгиндеги арал; Басс кысыгы материктен бөлөт. Австралия Союзунун штаты (айланасындагы аралдар м-н бирге). Штаттын аянты 68,3 миң *км*². Калкы 397,1 миң (1977). Көбү — англис-австралиялыктар. Админ. борбору — Хобарт ш. Арал структурасы б-ча Австралиядагы Чоң Суу бөлүгүч кырка тоосунун уландысы. Жээги булуң-буйткалуу. Рельефинде бири бирине ажыраган платолор ж-а жалпак тоолор басымдуу; бийикт. 600—1000 *м*. Эң бийик жери 1617 *м* (Осса чокусу). Кен байлыктары: полиметалл ж-а темир рудалары, калай, жез, алтын ж. б. Климаты түндүгүндө субтропиктик, түштүгүндө мелүүн, нымдуу. Жылдык жаан-чачыны 600—1000 *мм*. Ири дарыялары — Теймар-Макуори, Деруэнт. Түш.-батышын түнт эвкалипт ж-а пине жалбырактуу токой, жыгач турпаттуу папоротник, альп өсүмдүктөрү, борб. ж-а түш.-чыгышын нымдуу склерофиль эвкалипт токою, шалбаа ж-а мамык чөптүү саз ээлейт. Аралды 1642-ж. голланд. деңиз саякатчысы А. Тасман ачкан.

ТАСМАНИЯЛЫКТАР — *Тасманиянын* 1803—76-ж. анг. колониячылар кырып-жоюшкан жерг. калкы. Антроп-ялык жактан меланезиялыктарга жакын, о. эле австралиялыктарга (аборигендерге) да окшош 19-к-дын башында алардын саны бир нече миң адам болгон. Т-дын этногенези, тили м-н диалектилери толук изилденген эмес.

Лб.: Народы Австралии и Океании, М., 1956.

ТАСМАН ТИЛДЕРИ — Тасманияда 19-к-дын акырына чейин жашаган жерг. элдин тектеш тилдери. Амер. тилчи Ж. Гринбергдин болжолу б-ча тилдердин инди-тынч океан макроуюлсына кирет. Австриялык окумуштуу В. Шмидт Т. т-н бешке бөлсө, австралиялык илимпоз С. Вурм түш. тасман (В. Шмидт болүштүргөн төрт тилди камтыйт) ж-а түн. тасман деп экиге бөлөт. Австралия тилдери сыяктуу эле Т. т-нде да каткалаң ж-а уяң үнсүздөр фонологиялык жактан бири бирinен айырмаланбайт, тишчил үнсүздөр (сибилянттар) учурабайт. В. Шмидттин пикири б-ча Т. т-не вокализм айрыкча мүнөздүү. Грамм. маанилер агглютинациялык суффикстер ж-а аналит. каражаттар аркылуу туюнтулат. Сан, чак, жак категориялары жок. 2—3 же 4кө чейинки гана сан атоочу бар. Лексикасында австралия тилдеринен кирген сөздөр учурайт.

ТАСМА ЧОПОЛОР — ылайланган моюгу колдорунун тунушунан пайда болгон майда бүртүкчөлүү кум м-н чопонун кезектешип жайгашкан кабатчалары. Кабатчалардагы чөкмөлөрдүн ар кылдыгы жыл мезгилдеринде байланыштуу. Жайкы муз эрүү мезгилинде кум чөкмөсү, кыш айларында көлдөгү ылайдын тунушунан чопо кабатчалары пайда болот. Кум м-н чопо акырындык м-н бир бирине өтүп, «тасма» деп аталган бир жылдык кабатты түзөт. Жылдык кабатчалардын саны чөкмөлөрдүн канча убакытта пайда болгондугун аныктоого жардам берет.

ТАСМОЛА МАДАНИЯТЫ, Таш мола маданияты — алгачкы темир дооруна таандык арх-ялык мад-т. Негизинен Борб. Каз-нга тараган. Павлодар обл-ныи Куйбышев р-нундагы Тасмола капчыгайынын атыиан аталган. Анда ушул мад-тка мүнөздүү мүрзө табылган. Т. м-ныи мүрзөсү адатта чоң ж-а ага жанаша кичине дободон турат. Өлүк көрго түпдүктү баштантын коюлуп, мүрзө таш плиталар м-н жабылган. Кичине добого адатта ат ж-а карапа идиш көмүлгөн. Т. м-ныи уруулары көчмөн малчылар болуп, соок м-н металлдан

профсоюз, мединститут) кыскартылган. Аның колдонмо өөрүнө айбанаттар стили мүнөздүү.

ТАСС (Телеграфное агентство Советского Союза дегендин кыскарганы), к. *Советтер Союзунун телеграф агентствосу.*

ТАТААЛ ГҮЛДҮҮЛӨР (Compositáe) — өсүмдүктөрдүн эки үлүштүүлөр классынын түкүмү. Бир, эки же көп жылдык чөптөр, бадалдар, дарак сымалдар, *лианалар*, бир азы суу ж-а саз өсүмдүктөрү. Жалбырактары кезектешип, түштан же тегерете жайгашкан. Топ гүлү себетче. Себетчелери сырты бир же бир нече сыйра түрпүчөдөй, жалбырактай ороочтуу, кээде ороочтору чоку жалбырактарынан да калыптанат. Себетчелери чогулуп, чачыктай, калканчадай ж. б. татаал топ гүлдү түзөт. Желекчелери кыркасынан биригип өсөт, туура түзүлүштүү гүлдөрдүкү түтүкчөдөй, туура эмес түзүлүштүүлөрүнүкү тилчедей же эки эриндүү. Себетчеси кээде жалаң түтүкчөдөй, жалаң тилчедей же эки эриндүү гүлдөрдөн гана турат. Көп учурда кырка четкилери м-н борб. гүлдөрү эки түрдүү болот. Чөйчөкчөсү жок, анын ордуна кылкандай көкүл же кабык сымал тилке өөрчүгөн. Аталыгы 5, энелиги бирөө, ал бир уялуу, астыңкы момолуктүү. Мөмөсү урукча. СССРде 225 урууга бириккен 3500 (Кырг-нда 116 урууга бириккен 580дей түрү) белгилүү. Т. г. түрүнүн контугу б-ча Түн. жарым шардын флорасында биринчи орунда. Эки үлүштүүлөрдүн ичинен Т. г. чаңдашууга, таралууга өзгөчө ылайыкташкан. Т. г-дүн май (күн карама), жашылча (пикорий), тоют, дары-дармек (карандыз), каучук (гвайюла) алынуучу түрлөрү бар, о. эле кооздук (георгина, астра, хризантема, баркыт гүл ж. б.) үчүн да өстүрүлөт. Айрымдары (сүт тикен, кекире, тикен, маңкоо) — зыяндуу отоо чөптөр.

Ад.: Флора Киргизской ССР, т. 11. Фр., 1965; Поляков П. П., Систематика и происхождение сложноцветных, А.-А., 1967.

ТАТААЛ СӨЗ — эки же андан көп сөздүн айкалышынан түзүлүп, жаңы маани берген сөздөр. Т. с-дөр төрт түргө бөлүнөт: 1) **кош сөздөр** — жуп-жубу м-н уйкаш айтылып, бир маани берген Т. с-дөр (мис., ата-эне, кыз-кыркын, быт-чыт, кызыл-тазыл); **кошмок сөздөр** — эки же андан көп сөздөн туруп, бир гана маани туюнткан Т. с-дөр (мис., жол башчы, төө куш, өпөр жай, темир жол); 3) бириккен сөздөр (мис., бул+күн= =бүгүн, бул+жыл=быйыл); 4) **кыскартылган сөздөр** — бир нече толук маанилүү сөздөн турган Т. с-дүн шарттуу түрдө кыскартылып алынган түрү. Алар баш тамгаларынан (мис., СССР, КПСС, БК, ЛКЖС), башкы муундарынан (мис., райком, комсомол) же башкы муундары алынып, андан кийинки сөз толук сакталып (мис., облсовет, партбюро, ...дек

мыкты буюмдарды жасай билишкен.

Ад.: Шүкүров Ж. Ш., Кыргыз тилиндеги татаал сөздөр. Фр., 1955.

ТАТААЛ ТҮЗҮЛҮШТҮҮ ӨСҮМДҮКТӨР, түйүлдүктүү өсүмдүктөр — өсүмдүктөрдүн 2 тобунун бири. Алар 300 миңдей түрдү камтып, төмөнкү бөлүмдөрдөн турат: *псилофиттер*, мамык чөп сымалдар, *плаун сымалдар*, кырк муундар, *папоротниктер, жылаңач уруктуу өсүмдүктөр* ж-а гүлдүү жө жабык уруктуу өсүмдүктөр. Т. т. ө-дүн бардыгы көп клеткалуу денеси ткандарга, органдарга дифференцияланып, жер үстүндөгү чөйрөдө өсүүгө ылайыкташкан. Булардын жыныстуу *(гаметофит)* ж-а жыныссыз *(спорофит)* муундары алмашып турат. Спорофиттеринде споралары пайда кылуучу көп клеткалуу спорангийлери, гаметофиттеринде көп клеткалуу гаметангийлери (жыныс органдары) өөрчүйт. Бирок айрым жылаңач уруктууларда ж-а бардык гүлдүү өсүмдүктөрдө гаметангий эволюциялык өөрчүү процессинде жок болуп кеткен. Т. т. ө-дүн *спорангийлери* өкпөт, көбүнчө микроспорангийге ж-а мегаспорангийге ажырайт. Гаметангийлер энелик (архегоний), аталык (антеридий) болушат. Энелик гаметасы-жумуртка клеткасы дайыма бирден, кыймылсыз. Зиготадан көп клеткалуу түйүлдүк пайда болуп, анын 1-өөрчүү стадиясы энелик гаметофиттин ичинде өтөт. Спорофити негизги үч орган — жалбырак, сабак ж-а тамырга мүчөлөнгөн. Көпчүлүк Т. т. ө-дүн атайын өткөргүч ткандары (ксилема, флоэма), о. эле көтүкчалуу эпидермиси, үттөрү болот. Газылып алынгандары силур мезгилинен белгилүү.


Ад.: Тахтаджян А. Л., Высшие растения, т. 1, М.—Л., 1956; Козо-Полянский В. М., Курс систематики высших растений. Воронеж, 1965.

ТАТААЛ ФУНКЦИЯ — функциядан алынган функция. Эгер y чоңдугу u дан алынган функция болсо, б. а. $y=f(u)$, ал эми u өз кезегинде x тин функциясы болсо, б. а. $u=\varphi(x)$, анда y чоңдугу x тен алынган Т. ф. деп аталып, $y=f[\varphi(x)]$ деп жазылат. y чоңдугу x аргументинин Т. ф-сы делет. ал эми u арадагы аргумент деп аталат.

ТАТАР АВТОНОМИЯ СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКАСЫ, Татарстан РСФСРдин составында. 1920-ж. 27-майда түзүлгөн. Чыгыш Европа түздүгүнүн чыгышында жайгашкан. Аянты 68 миң км². Калкы 3436 миң (1979). 37 район. 18 шаар, 22 ш. т. посёлка бар. Борбору — Казан ш. (999 миң, 1979).

Мамлекеттик түзүлүшү. Т. АССРи — жумушчулар м-н дыйкандардын соц. мамлекети, автономия сов. соц. республ. Азыркы конституциясы 1978-ж. 31-майда Татар АССРинин 9-шайланган Жог. Советинин кезексиз чакырылган 9-сессиясында кабыл алынган. Мамл. бийликтин жог. органы — Т. АССР Жог. Совети. Ал респ-канын өкмөтүн — Мин. Советин түзөт, о. эле Жог. Совет респ-каның Жог. сотун ж-а анын Президиумун шайлайт. Т. АССРинин прокурорун СССРдин Ген. прокурору 5 жылга дайындайт.

Табияты. Волга д-ның өрөөнү Т-дын аймагын оң ж-а сол жээкке болот. Он жээгин Волга бою дөңсөөсүнүн түп. болугу, сол жээгин Кама д-ның өрөөнү кесип өткөн Волга бою (Заволжье) түздүгү эээлейт. Түш.-чыгышында Бугульма-Белебей дөңсөөсү (бийикт. 380




Кама д.

м) жатат. Кен байлыктары: нефть, көмүр, курулуш материалдары, чым көң ж. б. Климаты мелүүн континенттик, январдын орт. темп-расы —13...—14,8°С, июлдуку 18,6—19,6°С, жылдык жаан-чачыны 400—450 *мм.* Ири дарыялары: Волга (Т-дын аймагында 177 *км*), Кама (380 *км*), Ак (60 *км*), Вятка (50 *км*). Жериниң кыртышын чым көндүү-күл, боз-токой, кара, аллювий топурактары түзөт. Т. токой ж-а токойлуу талаа зонасында жайгашкан. Жаныбарлары: карышкыр, түлкү, багыш, тыйын чычкан, суур. коён ж. б.

Калкы. Элинин көбү татарлар, орус, чуваш, мордва, удмурт, украин ж. б. да жашайт. Орт. кышт. 1 км² жерге 50,5 киши (1979). Шаар калкы 63%. Шаарлары: Казан, Набережные Челны, Альметьевск ж. б.


Тарыхы. Азыркы Т. аймагын адам төмөнкү палеолит доорунан баштап мекендеген. Т-га б. з. 7-к-нда Азов боюнан түрк тилинде сүйлөгөн булгар уруулары келген. Б. з. 9-к-на чейин мадыр уруулары мекенден, аларды волга-кама булгарлары сүрүп чыккан. 10-к-да Орто Волга бою м-н Т-да Кама Булгариясы деген алгачкы феод. мамлекет түзүлгөн. Феод. мамилелер калыптанып, кол өнөрчүлүк, темир иштетүү өнүккөн. 1177-ж. Волгадагы булгар чеби — Казан негизделген. 1236—40-ж. Кама Булгариясы монгол-татарларга каршы күрөшүп, 1241-жылдан Алтын Ордонун составында болгон. Анын карамагынан 15-к-дын 2-жарымында Казан хандыгы болуп чыгып, татар эли калыптана баштаган. 1552-ж. Казан хандыгы Россияга кошулган. 16-к-дын 2-жарымы —17-к-да Волга бою орустар өздөй баштаган соң жерг. эл өзүнө каршы И. И. *Болотников*, С. *Разин*, Н. И. *Пугачёв* баштаган дыйкандар согуштарына активдүү катышкан. 1804-ж. Казан ун-ти ачылган. Т-да 19-к-дан капит. мамилелер өнүгө баштап, 19-к-дын алгында татар улуту калыптанган. 1880-жылдан Казанда маркчыл алгачкы ийримдер пайда болуп, 1887-ж. В. И. Ленин рев-ячыл ишин баштаган. Казанда 1887-ж. алгач-




ТАТАР АССРи

ты с.-д. топ, 1903-ж. РСДРПнин комитети түзүлгөн. Т-дын пролетариаты 1905—07-жылдагы рев-яга активдүү катышкан. Февр. рев-ясынан (1917) кийин Т-дын бардык аймагында Советтер пайда болгон. Совет бийлиги 1917-ж. 26-октябрда (8-ноябрда) Казанда, 1917-ж. ноябрь — 1918-ж. январда бут Т-да орногон. Гражд. согушта актар Т-ды өки жолу басып алган. Кызыл Армия 1918-ж. сентябрда Казанды, 1919-ж. жайында бут Т-ды бошоткон. 1920-ж. майда Татар АССРи түзүлүп, Т-да социализмди куруу башталган. Улуу Ата Мек. согушта респ-каның 200 адамы Сов. Союз. Баатыры деген наамга ээ болгон. Согуштан кийинки жылдарда Т-дын экономикасы, мад-ты дүркүрөп өсүүдө. Татар АССРи Ленин ордени (1934), Октябрь Революциясы (1970) ж-а Эл Достугу (1972) ордендери м-н сыйланган.

Экономикасы. Т. — о. ж. онүккөн, өри механикалаштырылган а. ч. ишканалары бар респ-ка. 1940—74-ж. о. ж-ның дүң продукциясы 37 эсе өскөн. Машина куруу ж-а металл иштетүү, химия, нефть-химия ө. ж-лары жалпы союздук маанеге ээ. 1978-ж. 31,1 млрд *квт·с* электр энергия алынган. Нефть-химиянын өри борбору — Нижекамск ш. (синтет. каучук ж. б.). Казанда орг. синтез, синтет. каучук, фармацевтика, В. В. Куйбышев атн. химия, М. Вахитов атн. тирчилик химия ж. б. з-ддору, машина куруу (компрессорлор, авиация, вакуум машина куруу, нефть ж-а транспорт каражаттары, мед. приборлор ж. б.) ө. ж. ишканалары бар. Респ-када нефть жабдууларын (Бугульма), түтүк арматураларын (Елабуга), саат (Чистополь), мүздаткыч (Зеленодольск) ж. б. чыгаруучу з-ддор иштейт. Набережные Челны ш-нда өри Кама автомобиль заводу (КамАЗ) ишке киришип, 1977-ж. 5 миң жүк ташуучу машина чыгарган. Жеңил (бут кийим, булгаары ж-а мех, кийиз, кендир, тигүү, трикотаж ж. б.), тамак-аш (эт, сүт, май, быштак, кант) ө. ж. онүккөн. Фанера чыгаруу маанилүү орунда. Аймагынын 70% а. ч-га жарактуу, анын айдоосу 767 миң *га*, шалбаа м-н жайыты 792 миң *га*. Буудай, кара буудай, сулу, арпа, кара күрүч, тарыу, кант кызылча өстүрүлөт. Мал чарбачылыгы эт-сүт багы-



Төмөнкү Кама нефть-химия комбинаты.



Набережные Челны ш. Кама автомобиль з-дунун жыйноо цехи.

тында. 1979-ж. 1308 миң үй, 1149 миң чочко, 1008 миң кой-эчки болгон. Автомобиль жолунун уз. 6064 *км*, т. ж. 754 *км* (1974). Дарыяларында кеме жүрөт.

Саламаттык сактоосу. 1977-ж. 39 миң орундуу ооруканада 9,9 миң врач, 32 миң орто билимдүү мед. кызматкер иштеген. 7,3 миң орундуу 17 санаторий, 7 өс алуу үйү бар. Врачтарды Казан мед. ин-ту, орто билимдүү мед. кызматкерди 9 мед. окуу жайы даярдайт.

Элге билим берүүсү. 1976—77-окуу жылында 2754 жалпы билим берүүчү мектеп, 88 кесиптик-тех. окуу жайы, 52 атайын орто окуу жайы, 12 жог. окуу жайы (Казан ун-ти, Казан авиация ин-ту, Казан химия-технология ин-ту ж. б.) болгон. 1917-жылга чейин кл. ыа. пеги-

жинен Казан ун-тинде жугуртулген. Совет бийлиги тушунда бир нече жл. из. ин-ттары уюштурулган. Жл. из. институту СССР ИАның Казан филиалы жетектейт. 1977-ж. 1740 китепхана, 2574 клуб, 10 музей иштеген.

Басма сөз, радио укторуу, телекөрсөтүүсү. 1974-ж. Т-дө 478 китеп жана китепче, 47 журнал, 129 газета чыккан. Респ-калык газеталары: татар тилинде «Социалистик Татарстан» (1918-жылдан), «Татарстан яшьләре» («Татарстан жаштары», 1929), «Яшь ленинчы» («Жаш ленинчи», 1929). орус тилинде «Советская Татария» (1917), «Комсомолец Татарии» (1919). Радио татар ж-а орус тилдеринде (сутказына 4 саат) ж-а Москвадан бүткүл союздук радио программасынан берилет. Телеборбору Казанда.

Көркөм маданияты. Татар ад-ты көп кылым бою оозеки өнүгүп келген. Жазма ад-ты 9-к-да пайда болгон. Эски татар жазма ад-тынан Галиянын «Жусуп менен Зулайха» (13-к.), Кутбанын «Хосров менен Ширин» (1342), Хорезмиянын «Ашыктык китеби» (1354) дегендей чыг-ларды сакталып калган. Казан хандыгы Россияга кошулган соң (1552) татар мад-ты м-н ад-тынын өнүгүшүндө жаңы мезгил башталган. Татар ад-тында орус ж-а татар эмгекчилеринин жеке бийлик, чет эл баскынчыларына каршы биргелешип жүргүзгөн күрөшүн, ал достугун чагылдырган чыг-лар жаралган: «Пугачёв жөнүндө ыр», «Француздарга каршы уруш жөнүндө ыр» ж. б. Феодализм учурундагы ад-ты суфизм багытында өөрчүгөн (М. Кулы, У. Имяни, Ш. Зами ж. б.). Реалисттик ад-ты Г. Кандалий (1797—1860), М. Акмулла (1831—1895), Я. Емельянов (1848—99), Г. Ильясы (1856—95) өндүү жазуучулар өнүктүргөн. Г. Тукай, Г. Ибрагимов, М. Гафури, Г. Камал (1879—1933) ж. б-лар чыг-лигын орус ад-тынын таасиринде өөрчүгүшүп, татар ад-тында реализмдин принциптерин иштеп чыгышкан. Улуу Окт. рев-ясынан кийин М. Гали, К. Тинчурин, Ф. Бурнашев, К. Нажми, А. Шамов, М. Амир, Х. Такташ сыяктуу жазуучулар терең социалдык өзгөрүүгө учураган татар элинин турмушун сүрөттөгөн чыг-лар жаратышты. Улуу Ата Мекк. согуш мезгилинде курман болгон М. Жалил, Ф. Карим, А. Алиш, Р. Ильяс, Н. Баян сыяктуу жазуучулардын чыг-лары татар ад-тына согуштун көркөм жылбаяны катары кирди.

Согуштан кийин татар ад-ты респ-калан тышкары жерлерге да аты чыгып, жаңы темалар м-н байыды. Нажмини «Жазгы сыпырымдар» (1948), Г. Башировдун «Намыс» (1948), Абсалямовдун «Газинур» (1958), Газинин «Унутулгус күндөр» (1—3-китеп, 1949—66), Амирдин «Ак жүрөк» (1—2-бөлүм, 1954—60), А. Расихтин «Жолдор айрылышканда» (1965), «Кейинкилер жолу» (1972) сыяктуу эпикалык пландагы чыг-ларында коммунизм үчүн кажыбас кайрат м-н эмгектенин жаткан элдин турмушу баяндалат. 60-жылдары татар ад-тына И. Юзеев (1933-ж. т.), Ш. Галиев (1928-ж. т.), Э. Маликов (1921-ж. т.), Р. Харисов (1941-ж. т.) сыяктуу акындар, Г. Мухаметшин (1932—72), Э. Касымов (1930-ж. т.) сыяктуу прозаиктер, Ю. Аминов (1921-ж. т.), С. Шакуров (1918-ж. т.) сыяктуу драматургдар келип кошулду.

Татар акыны Г. Тукайдын айрым чыг-лары м-н кыргыздын жазгыч акындары Окт. рев.-ясына чейин эле таанык болгон. Анын чыг-лары кыргыздын Молдо Кылыч, Тоголок Молдо өндүү ырчы-акындарынын чыг-лигинин профессионалдык багыт алышына кыйла таасир берген. Сов. доордо татар совет ад-тынын Муса Жалил, Х. Такташ, Г. Баширов сыяктуу алдыңкы өкүлдөрүнүн чыг-лары кыргызчага которулду. 1975-ж. Татар АССРинде кыргыз ад-тынын күндөрү өттү.

Арх-ралык эстеликтери: Улуу Булгардын имараты; Казан кремли (16-к.), орус классицизминин стилиндеги Казан ун-тинин комплекси (1825—30-ж.) ж. б. Азыркы учурда Казанда имараттар көп курулууда. Көрүнүктүү курулуштары: Муса Жалил атн. Татар опера ж-а балет



Казан ш. Кремль.

театры (1933—56), В. И. Ленин атн. стадион (1960), КПССтин обкомунун имараты (1962), цирк (1967) ж. б. 1935-ж. сүрөтчүлөрдүн Үюштуруу комитети, 1939-ж. Татар АССР сүрөтчүлөр союзу түзүлгөн. Татар элинде скульптура, монументжасалга, жасалга-колдонмо өнөр кеңири таралган.

Т. музыкасы Окт. рев-ясына чейин элдик оозеки салтта өнүгүп, аспап коштоосуз бир үндүү ырлар аткарылган. Негизги жанрлары — созулма (озын көйөр), кыска тез темптеги (кыска көйөр), тамашалуу (частушка түрү) ж. б. ырлар. Татар муз. аспаптары: күрай (үйлөмө муз. аспап), күбиз (чертме) ж. б. Профессионал муз. өнөрү 20-к-дын 20-жылдарынан баштап өнүккөн. Кызыл Окт. атн. театр (1939-жылдан Г. Камал атн.) улуттук муз. мад-ттын башаты болгон. Көрүнүктүү композиторлору: Н. Г. Жиганов, Х. В. Валиуллин, Ф. З. Яруллин ж. б. Респ-када Г. Тукай атн. филармония (1937, составында ыр ж-а бий ансамбли, симф. оркестр), Татар АССР комп. союзу (1939), опера ж-а балет театры (1975-жылдан М. Жалил атн.), консерватория (1945), муз. окуу жайлары, балдар муз. мектептери бар.

19-к-дын аягы — 20-к-дын башында татар тилинде ынкыбоздор спектакли уюштурулган. Т. театрын түзүүдө драматург А. Камал, актёрлор И. Кудашев-Ашказарский, А. Карпев ж. б. чоң роль ойногон. 1906-ж. татар тилинде биринчи пьеса (Казанда) коюлган. 1907-ж. Оренбургда биринчи татар театр труппасы түзүлүп, кийин ал «Сайяр» деп аталган. Улуу Окт. соц. рев-ясынан кийин анын базасында драма театр түзүлгөн (1920). Театрда драматургдар — Г. Камал, М. Файзи, М. Ашир, Н. Изинбет ж. б-дын, орус, совет драматургдарынын, мис., И. Дворецкийдин, Ч. Айтматовдун, Н. Думбадзенин пьесалары көрсөтүлгөн. Респ-када 9 театр (1977) иштейт. Ирилери:



Х. А. Якупов. «Өкүм чыгаар алдында» («Муса Жалил»). 1954.

Камал атн. театр м-н Качалов атн. Чоң драма театры. Театр ишмерлери: СССР эл арт. Х. Г. Абжалилов, Е. Жилина ж. б.

Лит.: История Татарской АССР (С древнейших времён до наших дней), Казань, 1968 (лит. 681—700); История Татарской АССР, Казань, 1973; В. И. Ленин и Татария. Сб. документов, материалов и воспоминаний, 2 изд., Казань, 1970; Климов И. М., Образование и развитие Татарской АССР (1920—1926), Казань, 1960; Табеев Ф. А., Экономика Татарии: итоги и перспективы, Казань, 1972; История татарской советской литературы, М., 1965; Гиниятуллина А., Писатели Советского Татарстана. Биобиблиографический справочник, Казань, 1970; Нигмедьянов М. Н., Народная музыка, М., 1967; Татарский советский драматический театр, Казань, 1975.

ТАТАРБУНАР КӨТӨРҮЛҮШҮ — 1924-ж. 15—18-сентябрда Түш. Бессарабиянын эмгекчилеринин Совет бийлигин калыбына келтирип, СССР м-н бириктүү үчүн румындык баскынчыларга каршы куралдуу кыр көрсөтүүлөрү. Т. к. румын өкмөтүнүн колон. саясатынан ж-а анын плебисцит өткөрүү ж-дөгү СССРдин сунушунан баш тартканынан келип чыккан. 1924-ж. 16-сентябрда коммунисттик уюм жетектеген жумушчу ж-а дыйкандар Татарбунар кыш-нан баскынчыларды куун чыгып, Совет бийлигин калыбына келтирген. Т. к. Түш. Бессарабияга тарап, көтөрүлүшчүлөр ревкомдорду, элдик милиция отряддарын ж-а Кызыл Гвардияны түзүшкөн. Румын өкмөтү көтөрүлүштү ырайымсыз баскан. Т. к-нө бардык өлкөлөрдүн коммунисттери тилектештигин билдиргенден соң камактагылардын көбү бошотулган.

Лит.: Борьба трудящихся Бессарабии за свое освобождение и воссоединение с Советской родиной (1918—1940 гг.), Кш., 1970.

ТАТАР КЫСЫГЫ Азия материги м-н Сахалин а-нын ортосунда. Япон ж-а Охота деңиздерин туташтырат. Уз. 633 *км*, жазылыгы түштүгүндө 342 *км*, түндүгүндө 40 *км*, эң кууш жери (Невельской кысыгы) 7,3 *км*. Эң тайыз жери фарватерде 7,2 *м*. Т. к-нын түн. бөлүгү Амур лиманы деп аталат. Жээги түштүгүндө тоолуу, түндүгүндө түзөң. Суунун орт. темпрасы жайында 10—12°С; кышында муз м-н канталат. Башкы порттору: Советская Гавань, Александровск-Сахалинский, Лесогорск, Углегорск.

ТАТАРЛАР — Татар АССРинин негизги калкы (1536 мин; 1970). СССРдин башка райондорунда да жашайт. СССРде жалпы саны 6,4 млн (1975). Түрк тилдеринин алтай уясына кирген *татар тилинде* сүйлөшөт. Динге ишенгендери — мусулман сунниттер. «Т.» деген этноним адеп 6—9-к-да Байкалдын түш.-чыгышындагы көчмөн монгол урууларында пайда болгон. 13—14-к-да «Т.» деген ат м-н *Алтын ордонун* составына кирген евразиялык айрым элдер да аталган. 16—19-к-да орус ад-тында бир кыйла түрк тилинде сүйлөгөн элдер (азерб-идар, Түн. Кавказ, О. Азия, Волга боюндагы бир топ майда элдер) да Т. аталган. 15—16-к-да Т-дын айрым топтору (казан Т., мишар Т., астрахань Т., сибирь Т., крым Т. ж. б.) калыптанган. Алардын экономикасы м-н мад-ты өнүгүп, 19-к-дын аягында бурж. улутка бириккен. 19-

к-дын аягында — 20-к-дын башында Т-дын көбү ортоцку Волга боюн ж-а Урал этегинин татарлары м-н сиңишип, Окт. рев-ясынан кийин автономияга (к. *Татар Автономия Советтик Социалисттик Республикасы*) ж-а соц. улутка айланган. Совет бийлигинин жылдарында Т-дын экономикасы, турмуш-тиричилиги м-н мад-тында терең өзгөрүүлөр болду. Т-дын 63%и шаарда жашайт (1970).

ТАТАР-МОНГОЛ ЭЗҮҮСУ — монгол-татар баскынчыларынын 13-к-дын ортосунда басып алган Чыгыш Европа, О. Азия, Закавказье өлкөлөрүндө орнотком бийлиги. Террор, салык алуу, маданий мурастарды жок кылуу, экон. талап-тоноо ж. б. узак убакка чейин бул өлкөлөрдүн экон. ж-а маданий өнүгүшүнө кедерги болгон. Караткан жерлердин эли баскынчыларга каршы бир канча жолу көтөрүлгөн, к. *Монгол каратуулары*.

ТАТАР ТИЛИ — *татарлардын* тили. Негизинен Татар АССРинде, Башкыр АССРинде, Чуваш АССРинде ж-а Мордва АССРинде, о. эле РСФСРдин бир нече областына тараган. Т. т-нде 5 млн-дой киши (1970) сүйлөйт. *Түрк тилдеринин* кыпчак топчосуна кирет. Негизги диалекттери: 1) борб. же орто (Татар АССРинин көпчүлүк калкы — казан татарлары сүйлөйт); 2) батыш же мишар; 3) чыгыш диалект (сибирлик татарлардын диалекти). Азыркы адабий Т. т-нин калыптануу процесси 19-к-дын ортосунда эски татар тилинин негизинде башталган. Жазуусу 1927-жылга чейин араб, кийин латын, 1939-жылдан орус графикасында.

Лит.: Современный татарский литературный язык, [ч. 1—2], М., 1969—71; Татарско-русский словарь, М., 1966; Ханильдин В. Н., Татар теле грамматикасы, Казань, 1959.

ТАТИЩЕВ Василий Никитич [19(29). 4. 1686, Псков — 15(26). 7. 1750, Болдино кыш., азыркы Москва обл., Солнечногорск р-ну] — орустун мамл. ишмери, тарыхчы. Москвада Инженердик ж-а артилл. мектептн бүткөн. 1720—22 ж-а 1734—37-ж. Уралдагы мамл. заводдорду башкарган. 1741—45-ж. Астрахань губернатору. Т. тарыхый дареткерди жарыялоого даярдап, Россияда этнография м-н дарек таануунун өнүгүшүнө негиз салган. Көптөгөн орус ж-а чет элдик булактардын негизинде «Россиянын эзелтен берки тарыхын» (1—5-к-п, М., 1768—1848) жазып, орустун алгачкы энциклопедиялык созду гүн түзгөн. Т. тарыхый процессти рационалист катары тааныган. Ак соок идеологу катары бийликтин жеке формасын жактаган. Т.— тарыхый, геогр., филос. мазмундагы эмгектердин автору.

Эмг.: История Российская, т. 1—7, М.—Л., 1962—68.

Лит.: Кучкин В. А., К спорам о В. Н. Татищеве, в сб.: Проблемы истории общественного движения и историографии, М., 1971.

ТАТРА, Бийик Татра — Польша м-н Чехосл-ядагы тоо массиви, Карпаттын эң бийик бөлүгү, уз. 65 *км*, бийикт. 2655 *м*ге чейин. Гранит, гранит-диорит, аки таш тектеринен турат. Байыркы мөңгүнүн издери сакталган рельефтин альп формасы мүнөздүү; карст үңкүрлөрү бар. Тоонун капталдарын карагайлуу токой (1500 *м*ге чейин), ийри өсүүчү токой (1900 *м*ге чейин), субальп ж-а альп шалбаасы (2250 *м*ге чейин) ээлейт. Т-да метеорол. обсерватория, тоо климаттык курорттор жайгашкан. Альпинизм, туризм, лыжа спорту өнүккөн.

ТАТРА ЭЛДИК ПАРКЫ — Карпат аймагынын Польша (аянты 22 миң *га*, 1954-ж. уюшулган) м-н Чехосл-ядагы (аянты 50 миң *га*, 1948-ж. уюшулган) корголуучу участкасы. 18-к-дын аягынан бул жердеги токойдун айрым бөлүгү ж-а айбанаттардын кээ бир түрү корголот. Аймакты коргоо б-ча поляк-чехословак шериктештиги 1924-жылдан башталган. Негизинен карагайлуу токойлор ж-а айбанаттар (аюу, жейрен, элик, суур ж. б.) козөмөлгө алынган. Элдик парктын аймагынан коруктар (10 миң *га* ЧССРге ж-а 2,3 миң *га* ПЭРге) бөлүнгөн. Жаратылышын изилдөө б-ча Закопане ж-а Татранска-Ломницада ил. из. станциялар уюштурулган. Т. э. п-нын чет-жакалары Закопане (ПЭР), Старн-Смоковец, Татранска-Ломница, Штрбске-Плесо (ЧССР) курорт катары пайдаланылат.

ТАТТАР — эл, Азерб. ССРинин Каспий боюндагы райондорунда, Дагстан АССРинин түш. бөлүгүндө ж-а Иранда жашайт. СССРдеги Т-дын саны 14,2 миң (1970), тат тилинде, Азерб. ССРиндегилери эки тилде (тат ж-а азерб-н) сүйлөшөт. Мад-ты м-н үй тиричилиги азербайжандардыкындай. Динге ишенгендери—мусулман-шиит, христиан, иудейлер. Дыйканчылык ж-а багбанчылык м-н кесип кылышат. Кол өнөрчүлүк (килем токуу, жез идиштерди жасоо ж. б.) да өнүккөн. Көбү өз. ж-да иштейт.

ТАТУИРОВКА (англ. tatto — тамгалоо; полинезийче сөздөн алынган) — түстүү боёкту тери астына чегип киргизүү жолу м-н адамдын денесине түшүрүлгөн сүрөт. Т. Түш.-Чыгыш Азия өлдеринде, Океанияда, Түн. ж-а Түш. Америкадагы индеецтерде жыгач, сөөк (же металл) ийне м-н чегүү аркылуу, ал эми Түн.-Чыгыш Азия өлдеринде түрлүү түскө боёлгон жип м-н терини жөргөмөп, кийин жипти сууруп таштоо жолу м-н ишке ашырылган. Т. илгери ар жеткенде чыдамкайлыкты сыноо адатына байланыштуу чыккан. Алгачкы жамаат, алгачкы таптык коомдо кооздукту гана эмес, адам кайсы уруудан экенин, сыйынган тотемин көрсөткөн. Т. азыр да айрым өнүккөн өлдерде кооздук, эскерүү белгиси катары сакталууда. Т-ны хирургиялык жол же лазер нуру м-н гана денеден өчүрүүгө болот.

ТАТЫБЕКОВА Жаннета Саймасаевна (30. 6. 1928-ж. т., Ташкен ш.) — кыргыз совет тарыхчысы, тарых илимд. доктору (1969). 1959-жылдан КПСС мүчөсү. Кызматчынын үй-бүлөсүнөн. Кыргыз мамл. пед. ин-тунун тарых ф-тетин (1950), КМУнун аспирантурасын (1954) бүткөн соң Кыргыз ССР ИАның Тарых ин-тунда кенже ил. кызматкер (1955—57), ст. ил. кызматкер (1957—74) ж-а сектор башчы (1974—77). 1977-жылдан В. В. Маяковский атн. Кыргыз мамл. кыз-келин пед. ин-тунун ректору. Т.,—80ден ашык ил. эмгектин автору. Эмгектери негизинен Кырг-ндагы аялдар маселесине (алардын азаттыкка чыгышы, соц. ж-а коммунисттик курулушка катышуу тажрыйбасы ж. б.) арналган.

Эмг.: Раскрепощение женщины-киргизки Великой Октябрьской социалистической революцией, Фр., 1963; Женщины Советского Киргизстана в борьбе за социализм и коммунизм, Фр., 1967; Великий Октябрь и женщины Киргизстана, Фр., 1975; Киргизская социалистическая нация в период развитого социализма, Фр., 1977.

ТАТЫМАЛ ӨСҮМДҮКТӨР — тамыры, жалбырагы ж-а мөмөсүндө даамы ачуу, жыттуу заттар бар өсүмдүктөр. Алардын составында эфир майы, гликозид, танид, айрым учурда алкалоид ж. б. орг. бирикмелер болот. Көнчүлүгү витамин, минерал туз, фитонцид, антибиотиктерге бай. Т. ө. консерва, кондитер азыктарын даярдоодо, нан бышырууда, тамак-аш ө. ж-нын ж. б. тармактарында, дары жасоодо колдонулат. Тамактын даамын, жытын жакшыртып, спецификүлүгүн арттырат. Көнчүлүгү кургатканда да касиетин жоготпойт. Т. ө. жер шарынын бардык жеринде кездешет. Тропикте — дарак, айрымы чөп сымал. Мис., цейлон ж-а кытай дарагынын кургатылган кабыгы татымалга пайдаланылат. СССРде Т. ө.— эгилме ж-а жанайы чөп сымал өсүмдүктөр. Алар: кориандр, карум, ашкөк, сельдерей, пастернак, розмарин, горчица, шибит, калемпир ж. б. Кырг-нда да булардын көнчүлүгү огороддо өстүрүлүп, кеңири керектелет.


ТАУНСЕНД ТЕОРИЯСЫ—өз алдынча эмес газ разряддар теориясы. Т. т. б-ча электрондор газда кагылышып, иондошуунун түзөт. Кагылышып иондошуу бир электрон катоддон анодго багытталган бирдик жол узундугунда жараткан иондордун саны α коэффициент м-н мүнөздөлөт. Отпол учурда пайда болгон оң иондордун ар бири катодго багытталган жолдун бирдигинде β иондошуунун пайда кылат же катодго урунуу м-н γ электронду бөлүп чыгарат. α, β ж-а γ Таунсенд коэффициенти деп аталат. Эгер сыртқы иондоштургуч катоддо алгачкы электрон тогун i_0 түзсө, анда көрсөтүлгөн процесстин патыйжасында

$$i=i_0\frac{(\alpha-\beta)\exp(\alpha l)}{\alpha(1+\gamma)-(\beta+\alpha\gamma)\exp(\alpha l)}$$

формула м-н аныкталган разряддык ток өтөт. l — электроддордун аралыгы. Т. т. өз алдынча эмес разряддын

оз алдынча разрядга өтүү шартын белгилөөго мүмкүндүк берет.

ТАУТОМЕРИЯ — эки же андан көп изомер бири бирине оңой өткөн кайталанма изомерия кубулушу. Т-да тең салмактуулук абалында заттар ар башка изомердик структураларды белгилүү катыштагы молекулаларын карман турат. Мис., ацетоуксус эфиринин молекуласы кадимки шартта ацетоуксус ж-а оксикротон к-таларынын этил эфирлеринин аралашмасынан турат:



Ацетоуксус эфири кетондор сыяктуу циангидринди, бисульфиттүү бирикмелерди, оксимдерди, гидразондорду пайда кылса, ошону м-н катар енолдор сыяктуу беш хлордуу фосфорду таасир эткенде β-хлоркротон эфирин пайда кылат. Тең салмактуулук изомерия ж-дөгү идеяны биринчи 1862-ж. А. М. *Бутлеров* циан к-тасынын түзүлүшүн талкуулоодо айткан.

ТАФТ — ХАРТЛИ ЗАКОНУ, 1947-ж. эмгек мамилелерин жөнгө салуу ж-дөгү акт — 1947-ж. 23-июнда АКШ конгрессинде жумушчуларга каршы кабыл алынган реакциячыл закон. Профсоюз, жумушчу кыймылын, эмгекчилердин укугун чектөө максатында кабыл алынган. Сенатор Р. А. Тафттын ж-а өкүлдөр палатасынын мүчөсү Ф. Хартлинин атынан аталган. Т.—Х. з. профсоюздарды мамлекеттин контролдугуна коюп, Эмгек мин-восуна уюштуруу ж-а финансы мүнөзүндөгү маалыматтарды берип турууга милдеттендирген. Салсий ж-а тилектештик иш таштоолору законсуз деп табылып, профсоюздар экон. иш таштоолорду өткөрүүдөн 60 күн мурда ишкана эгелерине ж-а атайын админ. органга билдирүүгө милдеттендирилген ж. б. Т.— Х. з-на кошумча претинде 1959-ж. Лэндрам—Гриффин закону кабыл алынган.

ТАХЕОМЕТР (гр. tachýs, tachéos — тез ж-а *...метр)* — *тахеометриялык съёмка* жүргүзүүдө колдонулуучу геод. прибор. Т. орнотулган белгилүү бир чекит м-н аныкталуучу чекиттин горизонталь (β) ж-а вертикаль (V) бурчтарын, аралыгын (S), бийиктигин (h) салыштырмалуу түрдө аныктайт. Т. айлантма, номограммалык, авторедукциялык ж-а ички базалык болуп ажыратылат.

ТАХЕОМЕТРИЯЛЫК СЪЁМКА — план же карта түзүүдө жердин бетиндеги белгилүү бир чекитке орнотулган тахеометр аркылуу аныкталуучу чекиттеги рейканын шкаласына нокоттон, чекиттердин салыштырмалуу абалын аныктоо ыкмасы. Геодезияның бир тармагы. Мында автоматтык түрдө үч координата — аспан орнотулган чекит м-н рейка турган чекиттин багыты, аралыгы (S), салыштырмалуу бийиктиги (h) аныкталат. Алынган маалымат формула б-ча эсептелет. Аралыгы (S), бийиктиги (h) тахеометрдик таблицадан алуу м-н жөнөкөйлөштүрүлгөн. Т. с. жолдорду, каналдарды ж. б-ны курууда колдонулат.

ТАХИНАЛАР (Tachinidae) — кош канаттуу курт-кумурсканын тукуму. 5000 түрү бардык жерде таралган. Чоңу өсүмдүк ширеси м-н азыктанат. Личинкалары — курт-кумурсканын митеси. Т. эзепне ар кандай жол м-н жугат, мис., кополектүн малагына мителик кылган Т. личинкасын ал жечү жалбыракка, топуректагы курт-кумурсканын митеси—топуракка, көз бирлери эзепнин денесине таштайт. Т-дын тирүү туучу түрү да бар. Куурчакчага айлануусу топуракта өтөт. Т-дын көз бир тукумчасы айрым гана курт-кумурскага (мис., бири — канталага, экинчиси — кополекко) мителик кылат. Т. өтө пайдалуу (корчулук зыянduу курт-кумурсканы жоготот).

«ТАХИР-ЗУХРА» — О. Азия, Волга боюнда түрк элдеринин ж-а Азерб-ндын, Турциянын элдик лирика-эпикалык дастаны. Көп версияларынын сюжеттик өзөгү окшош: падыша м-н вазир балдары туула электе эле кудалашат; падышанын кызы да, вазирдин уулу да бир мезгилде туулуп, бири бирин сүйүп калат; падыша кызынын атын Зухра, вазир уулунун атын Тахир коёт; вазир өлгөн соң падыша убадасынан танып, Зухрапы башкага бермек болуп, Тахирди сандыкка салып, суугa ыргыттырат. Көп азап-тозокту башынан кечирип, өз ата мекенине кайтып келсе, Т-дп падыша өлүмүнүн салат. Муну укkан Зухра да жанын кыят. Феодализм мезгилинде түзүлгөн версиялардын идеялык мааниси—идеалдуу башкаруучу гана ишке ашыра алар социалдык акыйкаттуулук үчүн болгон күрөш. Өзбек версиясында фантастика элементтери бар. Түркмөндөрдө оозеки ж-а жазма варианттары сакталган. «Т.-З-ның» белгилүү варианттары жарыяланып, изилденүүдө.

Текст: **Молланепес**, Зехре-Тахыр. Аш., 1959; Тохир ва Зухра, Тошкент, 1974.

Ад.: **Кекилов В.**, Великий лирик, Аш., 1963.


ТАХИРЛЕР МАМЛЕКЕТИ — Хорасанда (Иран) Тахирлер династиясы бийлеген феод. мамлекет (821—873). Т. м. *Аббасилер* халифатынын кыйроо мезгилинде түзүлгөн. Негиздөөчүсү — Аббасилердин Хорасандагы жер ээси Тахир ибн Хусейн (821—22). Аның уулдары Тальха (822—28) ж-а Абдаллахтын (828—44) тушунда мамлекеттин борбору Мервден Нишапурга көчүрүлүп, мамлекеттин өз алдынчалыгы чыңалган. Т. м-нде харижизм ж-а шиизмдин идеологиясы астында дыйкан көтөрүлүштөрү чыккан. Дыйкандарды тынчтандыруу ж-а борб. бийликти чыңдоо максатында Абдаллах салыкты чектеп, дыйкандар м-н кол өнөрчүлөрдү мамл. чиновниктер м-н феодалдардын зээн баштыгынан коргоого аракеттенген. Т. м-н Саффарилер династиясы каратkан.

Ад.: **Бартольд В. В.**, Соч., т. 1, М., 1963, с. 266—76; **Заходер Б. Н.**, История восточного средневековья, М., 1944; **Кадырова Т.**, Из истории крестьянских восстаний в Мавераннахре и Хорасане в VIII нач. IX вв., Таш., 1965.

ТАХО, Тежу — Испания м-н Португалиядагы дарыя, Пиреней ж. а-ндагы дарыялардын эң ириси. Уз. 1010 *км*, алабынын аянты 81,0 миң *км*². Универсалес тоосунан башталып, Жаңы Кастилия бөксө тоосу, Португалия ойдуңу м-н агат да, Атлантика океанына куят. Жаан-чачындан куралат. Ноябрдан апрелге чейин ташкындайт. Суусу сугатка ж-а энергетикага пайдаланылат. ГЭС ж-а суу сактагычтар бар. Чатынан 185 *км*ге чейин кеме жүрөт. Боюнда Толедо (Испания), Лисабон, Сантарен (Португалия) шаарлары жайгашкан.

ТАХОГЕНЕРАТОР (гр. táchos — тездик, ылдамдык ж-а *генератор)* — машина же механизм валынын айлануу ылдамдыгынын заматтык маанисин электр сигналына айландыргыч генератор тибиндеги *микрозлектр машинасы*. Ал өзгөрмө токтун (синхрондуу ж-а асинхрондуу) ж-а туруктуу токтун Т-у болуп айырмаланат. Туруктуу токтун Т-у — кичирээк коллектор машина. Мында дүүлүгүүнү туруктуу магнит же көз карандысыз ором пайда кылат. Синхрондуу типтеги Т. ротор милдетин аткарган туруктуу магниттүү кичирээк синхрондуу машина түрүндө болот. Кеңири таралган асинхрондуу Т. конструкциясы б-ча асинхрондуу электр кыймылдаткычына окшош. Т. автоматиканын түрдүү түзүлүштөрүндө, эсептөө техникасынын электр-мех. түзүлүштөрүндө ж. б. электр билдиргичи катары кеңири колдонулат.

ТАХОМЕТР (гр. táchos — тездик, ылдамдык ж-а *...метр)* — машина ж-а механизм валынын айлануу ылдамдыгын өлчөгүч прибор. Ал борбордон четтөөчү мех., магниттүү ж-а электрдик, пневматикалык ж-а гидравликалык болуп бөлүнөт. **Борбордон четтөөчү мех.** Т-де (к. сүрөт) жүк



Борбордон четтөөчү мех. тахометрдин кинематикалык схемасы: *1* — жүктөр; *2* — рычаг; *3* — сыйгаланма муфта; *4* — вал; *5* — пружина.

бекитилген рычагдуу сыйгаланма муфта Т-дин валына орнотулат. Ал муфтанын абалы валдын айлануу жыштыгына дал келет да, аны өзгөртүү рычаг системасы аркылуу эсептегич түзүлүштүн көрсөткүч жебесине берилип, шкала *айл/минге* болунгөн. **Магниттүү** Т-де туруктуу магнит м-н айлануучу ротор пайда кылган магнит талаасы өз ара аракеттенишкенде дисканын кыйшаюусун жебе шкаладан көрсөтөт.

Электр Т-и электр-машиналуу же электрондук болушу мүмкүн. Өлчөө чеги 0дон 100 000 *айл/мин*. Каталыгы ±0,05 тен +4%ке чейин.

ТАЦИТ Публий Корнелий (58-ж. чейин — 117-жылдан кийин) — Рим жазуучу-тарыхчысы. Көрүнүктүү чыгармалары: «Тарых» ж-а «Анналдар». «Тарыхта» (105—111-ж. чейин жазылган) Римдин, о. эле империянын 69—96-жылдардагы турмушу баяндалат. Бардыгы 14 китеп болуу керек. Бизге 1—4-китеби, 5-китебинин башы жеткен. «Анналдар» (Т. аны өмүр бою жазган) 14—68-жылдардагы окуяларды камтыйт, бүтпөй калган. Бүткөн 16 китебинен бизге 1—4, 12—15-китеби жеткен.

Чыг.: в рус. пер. — Летопись, ч. 1—2, пер. Кроneберга, М., 1858; Соч., т. 1—2, М.—Л., 1969.

Ад.: **Гаспаров М. Л.**, Новая литература о Таците и Светонии (рецензия), «Вестник древней истории», 1964, № 2.

ТАШ-АРЫК — Талас р-ндагы Долоно айыл советине карыштуу кыштак. Ленин атн. к-здун аймагында. Кецкол өрөөнүнүн ооз жагында жайгашкан. Райондун борбору Талас ш-нан 15 *км* түн.-чыгыш тарапта. Жамбыл т. ж. станциясынан 135 *км*. Калкы 757 (1979). Орто мектеп, клуб, медпункт, айылдын чыгыш тарабында Манастын күмбөзү бар. Т.-А. 1933-ж. орношкон.

ТАШАУЗ — Түркмен ССРиндеги Ташауз обл-ның борбору, шаар. Республиканын түндүгүндө, Шават каналынын жээгинде жайгашкан. Т. ж. станциясы. Калкы 90,6 миң (1979). Пахта тазалоочу, май, пиво, сүт, а. ч. машиналарын ремонттоочу з-ддор ж-а эт, нан комбинаттары бар. Килем токуу, тигүү ф-калары иштейт. А. ч. техникуму, мед. ж-а пед. окуу жайлары, муз. драма театры бар.

ТАШАУЗ ОБЛАСТЫ Түркмен ССРинде. 1970-ж. 14-декабрда түзүлгөн. Республиканын түндүгүндө жайгашкан. Аянты 73,6 миң *км*². Калкы 530 миң (1979). 6 админ. район, 1 шаар, 7 ш. т. посёлка бар. Борбору — Ташауз ш. Ленин ордени м-н сыйланган (1974).


Т. о. Аму-Дарыянын төмөнкү агымынын сол жээгинде, Кара-Кум чөлүндө жайгашкан. Жери негизинен түздүктүү. Областтын түндүгүн Аму-Дарыянын эски нугу ж-а дельтасы, Сары-Камыш чуңкурдугу, түш.-чыгышын Үстүрт платосунун чети ээлеп жатат. Климаты кескин континенттик. Жайы ысык ж-а кургак, кышы жылуу. Июлдун орт. темп-расы (Ташауздa) 27°С, январдыкы —5,5°С. Жаан-чачыны 100—150 *мм*. Аймагының көп бөлүгүн кум, боз топурак ээлейт. Өсүмдүктөн ак сөксөөл, черкес акациясы, ыраң, шыбак, баялыш, камыш ж. б. өсөт. Жаныбарлары: түлкү, карышкыр, жейрен, коён, кемирүүчүлөр, сойлоочулар, канаттуулар.

Областта түркмөн, өзбек, казак, орус ж. б. улуттар жашайт. Орт. жышт. 1 *км*²гө 6,4 киши (1979). Шаар калкы 30%.

Экономикасында жеңил ж-а тамак-аш о. ж-ның мааниси чоң. Т. о.— Түркмен ССРинин пахта өстүрүүчү ж-а мал чарба райондорунун бири. Ө. ж-ның башкы тармактары: пахта тазалоочу, май, сүт, эт, металл иштетүү, курулуш материалдар ж. б. Ири о. ж. ишканалары Ташауз ш-нда, пахта тазалоочу з-ддору Калинин, Тахта, Ильялы, Кооно-Ургенч ж. б. посёлкаларында жайгашкан. Электр энергиясын Ташаташ ГРЭСинен (Өзбек ССРи) алат. Жер фондусунун 2,1%ин айдоо, 40%ин жайыт, 11%ин көп жылдык өсүмдүктөр түзөт. Айдоо аянты 192,8 миң *га*, аның 120,4 миңи пахта. Пахтадан 1974-ж. ар бир *га*дан 32,4 *ц*ден түшүм алынган (республика эң жогору). Шалы, арпа, жүгөрү, күнжүт эгилет. Багбанчылык өнүккөн. Мал чарбачылыгы эт, жүн ж-а көрпө алууга адистешкен. 1979-ж. 140,5 миң үй (56,9 миңи саан), 274,7 миң кой (негизинен каракөл) ж-а 12628 эчки болгон. Жибекчилик өнүгүүдө. Автомобиль жолунун уз. 1332 *км*, т. ж. 72 *км* (1979). 1978—79-окуу жылында 467 жалпы билим берүүчү мектеп, 6 кесипчилик, 3 атайын орто окуу жайы болгон. 720 китепкана, обл. түркмөн муз. драма театры, 198 клуб бар (1979). 1979-ж. 3,7 миң орундуу 47 ооруканада 793 врач иштеген. Обл. «Коммунизм ёлы» (1932-жылдан), «Ташаузская правда» (1941) ж-а райондук «Пахтакөр» (1933) газеталары чыгат.

Ад.: Туркменистан, М., 1969 (серия «Советский Союз»); Туркменистан за 50 лет. Стат. сб., Аш., 1974.

ТАШ БАКАЛАР (Testudinata) — сойлоочулардын классчасы. Денеси жалпак келип, сыртынан бекем мүйүз өндүү панцырь м-н жабылган. Үстүнкү калканы — карапакс, ал эми алдыңкысы пластрон деп аталат. Башы, буттары панцырдын ичине жыйрылып кирип ж-а чыгып турат. Салмагы ар кандай. Инди ж-а Тынч океандардын араларында салм. 200 *кг*дан ашкан, чоңдугу 2 *м*ге чейин Т. б. учурайт. Тиштери болбойт. Азыр Т. б-дын 200дөн ашуун түрү белгилүү. Алар беш түркүмгө бөлүнөт. Көбүнчө троник ж-а экватор областтарда таралган. Түрдүү жайларга (троник токойлор, көл, дарыя, саз, деңиздин ж-а океандардын жээктери) байырлашкан. Түсү ар кыл. Көбү өсүмдүк, айрымдары балык ж-а суу омурткасыздарын жейт. Т. б. 2—3 жашында жетилип, жылына 1—3 жолу жүзөө жакын жумурткa туйт. Кум, топуракка көмүлгөн жумурткалары 2—3 айда жарылат. Жүз жылча (айрымдары андан узак) жашайт. Т. б-дын эт, май, жумурткасы, мүйүз кабыгы керектелет. Көз бир өлкөдө баалуу Т. б. атайын фермаларда багылат. СССР аймагында Т. б-дын 7дей түрү; Кырг-нда бир гана — о. азиялык Т. б. кездешет. Айрым түрлөрү коргоого алынган.



Таш бакалар: 1. Ы. чыгыш таш бакасы. 2. Жапыл таш бака. 3. Саз таш бакасы. 4. О. азия таш бакасы. 5. Терилүү таш бака.

Ад.: Жизнь животных, т. 4, ч. 2, М., 1969; **Банников А. Г.** [и др.], Земноводные и пресмыкающиеся СССР, М., 1971.

ТАШ-БУЛАК — Ош обл-ның Сузак р-ндагы Таш-Булак айыл советине карыштуу кыштак. «Октябрдын 40 жылдыгы» атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Сузактан 10 *км* түн.-чыгыш тарапта. Жалал-Абад т. ж. станциясынан 3 *км*. Калкы 4802 (1979). Орто мектеп, клуб, китепкана, фельдшер-акушердик пункт бар. Т.-Б. 1888-ж. орношкон.

ТАШ-БУЛАК РУДА ТАЛААСЫ — Ош обл-ның Баткен р-ндагы сыман рудасы чыккан аймак. Самаркандек кыштагынан түштүк тарапта, Түркстан кырка тоосунун түн. капталында жайгашкан. Руда талаасындагы айрым кендер 1964-ж. Кыргыз ССР геол. башкармасы тарабынан (П. В. Зайд) ачылып, 1966—69-ж. мезгилмезгили м-н геол. чалгындоо жүргүзүлгөн. Бул аймакта бири бирине көп алыс эмес Ак-Тай, Аска-Сай, Кашка-Суу, Таш-Булак, Убыкан, Шаркыратма ж. б. сыман-флюорит кендери бар. Алар девон ж-а карбон мезо-



Х. Таширов.

гилдеринде пайда болгон аки таш теги, доломит ж-а линза түрүндөгү кремний тегинде жайгашкан. Т.-Б. р. т-нын жалпы уз. 10 *км*ге жеткен тилкени эзлейт. Руда негизинен киноварь м-н флюориттен түзүлүп, кварц, кальцит ж-а барит сыяктуу минералдардын тарамы м-н кошумчаланат. Алар диагональ ж-а меридиан багытындагы тик жаракалардын кесилишкен жеринде топтолушкан. Киноварь брекчияланган ж-а өзгөрүүгө дуушарланган жердеги майда жаракаларды толтурып, тарамча, кээде бүртүкчө түрүндө кезигет. Тарамчалардын калыңд. 0,3—1,0 *м*, уз. 3—25 *м*ге чейин; руда бардык жерде бирдей тараган эмес. Т.-Б. р. т. герцин металлогеникалык доордо төмөнкү темп-ралуу гидротерм жолу м-н пайда болгон. Мындагы кендер азырынча казылбайт.

ТАШ ДООРУ — адам коомунун онүгүшүндөгү тарыхый-маданий мезгил. Бул учурда эмгек ж-а согуш куралдары негизинен таштан жасалып, жыгач м-н сөөк да колдонула баштаган. Анын акыркы этабында карана идиш жасоо өнүккөн. Т. д — адамзат тарыхындагы узакка созулган доор, ал адамдын айбандан бөлүнүп чыгышынан башталып (мындан 1 млн 800 миң жылдай мурда), металл пайда болгонго (мындан 8 миң жылдай мурда) чейин созулган. Бул доор мад-тын өнүгүш өзгөчөлүктөрүнө ылайык байыркы Т. д. *(палеолит)*, жаңы Т. д. *(неолит)* ж-а бул экөөнүн ортосундагы өткөөл доор — ортоңку Т. д.— *мезолит* деп бөлүнөт. Булар да өз алдынча мезгилдерге ажырайт. Т. д. алгачкы жамаат коомдук түзүлүш доорунун көп мезгилин камтыйт.

СССРдин аймагында Т. д-на таандык 900дөн ашык эстелик изилденген. Алар О. Азия, Каз-н, Армения, Абхазия, Түш. Осетия, Украина, Молдавия ж. б. жерлерде кездешет. Кырг-н аймагындагы Т. д-нун эстеликтери — *Ош-Арча* ж-а *Капчыгай палеолит «устаканасы»*. Неолит эстеликтери Крымдын үңкүрлөрүндө, Ока, Жог. Волга, Днепр, Балтика бою ж. б. жерлерге тараган. Неолиттин аягында СССРдин түштүгүндө, кийин түн. бөлүгүндө жез куралдары пайда болуп, энеолит доору башталган.

Ад.: Энгельс Ф., Үй-бүлөнүн, жеке менчиктин жана мамлекеттин келип чыгышы. Фр., 1968; Абрамова З. А., Палеолитические искусства на территории СССР, М.—Л., 1962; Массон В. М., Средняя Азия и Древний Восток, М.—Л., 1964; Семёнов С. А., Развитие техники в каменном веке, Л., 1968.

ТАШ-ДӨБӨ — Аламүдүн р-нундагы Воронцовка айыл советине караштуу кыштак. 23-партсъезд атн. с-здун аймагында. Райондун борбору Лебединовкадан 25 *км* түш. тарапта. Фрунзе вокзалынан 18 *км*. Калкы 4351 (1979). Орто мектеп, оорукана, респ калык балдар сөөк-туберкулёз диспансери бар. Кыштакта СССР эл арт. Б. *Бейшеналиева* туулган.

ТАШ-ДӨБӨ — Нарын обл-нын Жумгал р-нундагы Кызыл-Туу айыл советине караштуу кыштак. «Большевик» с-зунун аймагында. Райондун борборуна Чаектен 40 *км* түн.-чыгыш тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 160 *км*. Калкы 1574 (1978). Орто мектеп, китепкана, медпункт бар. Т.-Д. 1934-ж. орношкон.

ТАШ-ДӨБӨ КОРУСТОНУ Талас ороонүндөгү Ылды суусунун сол жээгинде. Корустондор коло дооруна (б. з. ч. 1500—1000-ж.) таандык. Т.-Д. к-н 1957-ж. Ы. Кожомбердиев м-н П. Н. Кожемяко изилдеген. Мында 20 мүрзө ачылган. Мүрзөлөр чарчы формада болуп, тегерете таш кыналып, жерден билинер-билинбес көтөрүлүп турат. Өлүктөр бүгүлүп же көнчүлүгү өрттөлүп, күлү коюлган. Т.-Д. к-нөн карапа, коло билерик, сойко, бычак, мончок, шакек, пластинка, темеңелер табылган. Т.-Д. к-нөн б. з. башына таандык казанактуу мүрзөлөр да ачылган.

ТАШ ЖЕЛИН, к. *Жүгүштүү агалактия.*

ТАШИРОВ Хайтахун [2.(15). 3. 1902-ж. т., азырку Ош обл., Кара-Суу р-ну, Ача-Мазар кыш.— 10. 2. 1962, Кара-Суу р-ну, Кызыл-Шарк кыш.] — колхоз кыймылын баштоочулардын бири, эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1951, 1957). 1944-жылдан КПСС мүчөсү. Алгачкы колхоздорду уюштырууга жигердүү катышкан. 1937-ж. Кара-Суу р-нундагы «Кызыл-Шарк» к-зунун башкармасына пред-ль болуп шайланып, өмүрүнүн аягына чейин иштеген. Колхоз 1956-ж. 1030 *га* жерден 34,2 *цден*, 1957-ж. 1100 *га* жерден 33 *цден* пахта тапшырган. СССР Жог. Советинин (2—5-шайл.) депутаты. Кырг-н КПинин 11-съездинин делегаты. Беш Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. Ага а. ч. кыргөзмөсүнүн Чоң алтын медалы да ыйгарылган. «Кызыл-Шарк» к-зу, андагы орто мектеп анын ысмы м-н аталат.


ТАШКЕН — Өзбек ССРинин борбору. СССРдеги ири өө. ж., маданий ж-а ил. борборлордун бири. Респ-канын түн.-чыгышында, Чырчык д-нын ороонунда (Сыр-Дарыянын алабы). Автомобиль ж-а т. ж. тоому, эл аралык аэропорту бар. 1977-жылдан метрополитен иштейт. Аянты 250 *км*². Калкы 1779 миң (1979). Калкынын саны б-ча СССРде 4-орунда (Москва, Ленинград, Киевден кийин). Т-де шаардык 10 район бар.

Т.— байыркы шаарлардын бири. Качан негизделгени белгисиз. Т. б-к-да *Түрк кагандыгына*, 8—9-к-да өз алдынча Чач (Шаш) эллигине, 8-к-да араб халифатына, 9—10-к-да Самани, 10—13-к-да Караханилер ж-а Кидан мамлекетинин составына кирген. Т-ди 13-к-дын башында Хорезм шахы Мухаммед II Ала-ад-дин, 14-к-да Тимур каратkан. 16-к-дын 2-жарымында Бухара хандыгына кошуп, 17—18-к-да казактар м-н калмактар басып алган. 19-к-да Кокон хандыгынын составына кирген. 1865-ж. Россияга кошулган. 1867-жылдан Түркстан генерал-губернаторлугунун борбору. О. Азиянын негизги т. ж., соода түйүнү болуп калган. 1902—05-ж. с.-д. ийримдер пайда болгон. Т-дин эмгекчилери 1905—07-жылдагы рев-яга катышкан. 1917-ж. 2(15)-мартта Т-де О. Азияда алгач Жумушчу депутаттар совети түзүлгөн. Совет бийлиги 1917-ж. 1(14)-ноябрда орногон. Т.— 1918-ж. апрелден Түркстан АССРинин, 1930-жылдан Өзбек ССРинин борбору. 1924-ж. 14-апрелде Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. Улуу Ата Мек. согуштун мезгилинде Т-ге СССРдин батыш райондорунан өө. ж. ишканалары көчүрүлүп (эвакуацияланып) келген.

Шаарда 200дөн ашык өө. ж. ишканасы бар. Т. респ-кадагы өө. ж-дын дүң продукциясынын 23%ин берет (1974). Өө. ж. өндүрүшүнүн 60% оор өө. ж. тармагына тиешелүү. Т-де респ-када даярдалган кебез кездеменин 87%, трикотаждын 51%, союз б-ча пахта жыйноочу, тазалоочу ж-а себүүчү машиналардын 100%, пахта тазалоочу жабдуулардын 90,6%, токуучу машиналардын 28%, көпүрө электр крандарынын 17,9% чыгарылат. Ири өө. ж. ишканалары: «Ташсельмаш», «Узбекхлопкомаш», «Таштекстильмаш», В. П. Чкалов атн. самолёт куруу, экскаватор, «Подъёмник», «Компрессор», «Шарикоподшипник», «Ташгазаппарат», электр тех., кабель, пахта тазалоочу, жабдуу з-ддору. Т. пахта тазалоочу комбинаты респ-кадагы пахтанын жарымын тазалайт.

Т. аймагында эзелки мезгилде курулган Барак-хан ж-а Кукелдаш мидреселери (экөө тең 16-к-да курулган), Жунус-хан (15-к.) ж-а Каффаль Шаши имамдын күмбөзү (16-к.) ж. б. курулуштар сакталган. Окт. рев-ясынан кийин Т-де жаңы имараттар үзгүлтүксүз курулуп, өзгөчө 1966-жылдагы жер титиреодон кийин калыбына келтирүү жаңы генплан б-ча жүзөго ашырылууда. Навои атн. чоң опера ж-а балет театры (1947-ж. арх. А. В. Щусев), Өзбек ССР Мин. Советинин имараты (1965—67), 20 кабат админ. имарат (1974, экөөнүн тең арх. Б. С. Мезенцев ж. б.), В. И. Ленин дин Борб. музейинин Ташкен филиалы (1970, арх. Е. Г. Розанов, В. И. Шестопалов ж. б.), «Өзбекстан» мейманканасы (1974, арх. И. А. Мерпорт ж. б.), Москва, Ленинград, Украина, Чиланзар ж. б. жаңы микрорайондор курулган.

Т-де Өзбек ССР ИАсы, 19 жог. окуу жайы (ун-т, мед., пед., а. ч., политех. ж. б.), ил. из. ин-ттар, 31 атайын орто, 32 кесипчилик окуу жайы, 339





Ташкен ш. 1. В. И. Ленин атн. аянт. 2. «Эрдик» монументи, 1976. Скульптор Д. Рябичев, арх. С. Адылов, Ф. Турсунов.

жалпы билим берүүчү мектеп, 201 китепкана, 8 театр, 7 музей (В. И. Лениндин Борб. музейинин Ташкен филиалы, Өзб-н элдеринин тарыхы музейи, респ-калык искусство музейи ж. б.), цирк, консерватория ж. б. бар (1975). 1975-ж 22,8 миң орундуу 82 оорукана, 214 амбулатория-поликлиника, 16 санитариялык эпидстанция, 11,3 миң врач ж-а 20,7 миң орто билимдүү мед. кызматкер иштеген. 12 мед. ил. из. ин-т, 16 санаторий, 1 эс алуу үйү бар. Т-ден 20 *км* аралыкта баткак м-н дарылоочу Ташкен минералдуу суу курорту жайгашкан.

Ад.: Рашидов Г. Р., История социалистического Ташкента, т. 1, Ташк., 1965; Соколов Ю. А., Ташкент, ташкентцы и Россия, Ташк., 1965; Народное хозяйство Узбекской ССР за 50 лет. Юбилейный стат. ежегод., Ташк., 1974.

ТАШКЕН АЙЛ ЧАРБА МАШИНА КУРУУ ЗАВОДУ («Ташсельмаш») — СССРдеги пахта жыйноочу машиналарды чыгаруучу ири ишкана. Заводдун алгачкы бөлүмү 1931-ж. 1-майда пайдаланууга берилген. Өндүрүш кубаттуулугу Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде ж-а согуштан кийинки жылдары тез өнүккөн. Жыйноочу, мех. инструмент ж. б. цехтери курулуп, өндүрүш процесстери механикалаштырылган. 1946-жылдан ХЧО-43-маркасындагы пахта тазалоочу, 1949-жылдан СХМ-48 пахта жыйноочу машиналар чыгарыла баштаган. 1954-ж. бул марканын 25 миңинчи машинасы чыккан. 1954-жылдан СХС-1,2 пахта жыйноочу ж-а УПХ-1,5А пахта тазалоочу машиналарды чыгаруу башталган. 1955-жылга чейин заводдо 130дан ашык машинанын түрү белгиленген. 1959-жылдан завод өзү жүрүүчү пахта жыйноочу машиналарды чыгарууга адистештирилген. Завод 1968-жылдан катар аралыгы 60 *см*лик төрт катарлуу «Өзбекстан 14ХВ-2,4», 1972-жылдан катар аралыгы 90 *см*лик төрт катарлуу «Өзбекстан ХН-3,6» машиналарын чыгарууда. Завод Эмгек Кызыл Туу (1966) ж-а Октябрь Революциясы (1978) ордендери м-н сыйланган.

ТАШКЕНБАЕВДЕР—өзбек совет цирк артисттеринин—дарчыларынын үй-бүлөсү. Игамбердиев Т. (3. 3. 1866—9. 2. 1963) — РСФСР ж-а Өзбек ССР эл арт. (1939), Эмг. Баатыры (1937). 1942-жылдан КПСС мүчөсү. Кыдырма артисттин уулу. Бала кезинде атасына кошулуп, кийин өз алдынча оюн көрсөткөн. Ал 1942-ж. өзбек цирк коллективин түзүп, 1949-жылга чейин иштеген. Т-дин оюнуна үй-бүлөсү ж-а шакирттери катышкан. Алардын белгилүүсү: уулу — Абиджан Т., (1. 1. 1915-ж. т.) — Өзбек ССР эл арт. (1961), 1949-жылдан Т. оюнунда (циркте). 1950—56-ж. Ташкен циркинин көркөм жетекчиси; небереси — Камалжан Т. (28. 10. 1929-ж. т.)— Өзбек ССР эмг. сиң. арт. (1966). 1954-жылдан КПСС мүчөсү. 1965-жылдан «Өзбек дарваздары» аттракционуна жетекчи.

Ад.: Абидов Т., Мастера узбекского цирка, Ташк., 1973.

ТАШКЕН ОБЛАСТЫ Өзбек ССРинде. 1938-ж. 15-январда уюшулган. Респ-каның түн.-чыгышында. Аянты 15,6 миң *км*². Калкы (Ташкен ш. м-н) 3577 миң (1979). Областта 14 район, 13 шаар, 19 ш. т. посёлка бар. Борбору — Ташкен ш. Т. о. эки Ленин ордени м-н сыйланган (1959, 1970).

Жеринин көбүн тоо этектеринде түздүктөр (түш. ж-а түш.-батыш) эзлейт. Түн.-чыгышында ж-а чыгышында Чаткал, Курама, Пскем ж-а Угам кырка тоолору жатат. Кен байлыктары: күрөң көмүр, жез, полиметаллдар рудалары, курулуш материалдар. Климаты континенттик. Январдын орт. темп-расы —1,3...—1,8°С, июлдын 26,8°С. Жылдык жаан-чачыны дүкү 265 *мм*, тоолордо 500 *мм*. Негизги дарыясы — Сыр-Дарыя ж-а түздүктөрдө 250 *мм*, тоолордо 500 *мм*. Түздүктөрдө боз, тоолордо чымыран. Түздүктөрдө аллювий топурагы басымдуу. Түзөң болгу айдалат; Сыр-Дарыянын жээктеринде гана тереек, тал, жийде ж. б. өсөт. Тоолорун тоо талаасы (1200—1400 *м* бийикте), арча (1400—2000 *м*), субалпы ж-а альп шалбаасы (2000 *м*ден жогору) эзэлейт. Негизги калкы өзбек ж-а орус. Орт. жышт. 1 *км*² жерге 208,6 киши. Шаар калкы 43% (1979). Шаарлары: Ташкен, Чырчык, Алмалык. Т. о.— респ-кадагы өнөр жайы, а. ч. өнүккөн областтардын бири. Ө. ж. продукциясы 1974-ж. 1940-жылга салыштырганда 28 эсе өскөн. Т. о. респ-кадагы ө. ж-дын дүң продукциясынын 40%тен ашыгын берет. Энергияны газ, көмүр ж-а гидростанциялардан алат. 1974-ж. 16,1 млрд *кет·с* электр энергия өндүрүлгөн. 1974-ж. 4509 миң *т* көмүр казып алынган. Кара ж-а түстүү металлургия, машина куруу, химия, курулуш материал, жеңил, тамак-аш ө. ж. өнүккөн. Ө. ж-нын ири борбору — Ташкен ш. А. ч-га жарактуу 800,5 миң *га* жердин 378,8 миңи айдоо, 366,3 миңи чабынды ж-а жайыт. Айдоо аянтынын 74% сугат жер. Негизги а. ч. өсүмдүктөрү — пахта (140,6 миң *га*), дан эгин (110 миң *га*), тоют (72,6 миң *га*), картошка ж-а жашылча-жемиш (33,7 миң *га*). Область 1978-ж. 450 миң *т*дан ашык пахта жыйнаган. 1979-ж. 301,6 миң үй, 105,2 миң чочко, 567,5 миң кой-эчки болгон. Автомобиль жолунун уз. 5375 *км*, т. ж. 346 *км* (1979). Ташкен ш-нда ири аэропорт бар. 1978—79-окуу жылында (Ташкенди кошпогондо) 822 жалпы билим берүүчү мектеп, 30 кесипчилик, 20 атайын орто, 2 жог. окуу жайы, ил. из. ин-ттары, 750 китепкана, 480 клуб болгон. 1975-ж. 17,1 миң орундуу 153 ооруканада 3,2 миң врач иштеген. Обл. «Ташкент хакикати» ж-а «Ташкентская правда» (1954) газеталары чыгат.

Ад.: Народное хозяйство Узбекской ССР за 50 лет (Юбилейный стат. ежегод.), Ташк., 1974; Производительные силы Узбекистана и перспективы их развития, Ташк., 1974.

ТАШКЕН ТЕКСТИЛЬ КОМБИНАТЫ — СССРдеги кебез кездеме чыгаруучу ири ишкана. О. Азиядагы алгачкы ири текстиль ишканаларынан. Курулушу 1932-ж. башталып, 1934-ж. биринчи, 1940-ж. экинчи ийрүү-токуу ф-касы ишке киргизилген. Улуу Ата Мек. согуштун башталышында комбинатка Ленинграддан көчүрүлгөн жин ф-касы кошулган. Согуш учурунда Т. т. к. 410 млн *м* кездеме чыгарган. 1952-ж. үчүнчү ийрүү ф-касы өндүрүшкө берилген. Комбинат негизинен ата мек. жаңы техника м-н жабдыкган. Жылдык кубаттуулугу — 200 млн *м* кездеме ж-а 380 млн чыгырык жип (1975). Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган (1944).

ТАШКЕН УНИВЕРСИТЕТИ В. И. Ленин атн.— О. Азия ж-а Каз-ндагы алгачкы сов. жог. окуу жай (к. *Орто Азия коммунисттик университети*). 1960-жылдан Т. у. 20-жылдардын аягы — 30-жылдардын башында ун-ттин бөлүмдөрүнүн базасында Ташкен мед., а. ч., пед., а. ч-ны ирригациялоо ж-а механикалаштыруу ин-ттары,

1933-ж. политех. ин-тка бириккен бир катар втуздар (жог. тех. окуу жайлары) түзүлгөн. Т. у-нде (1977) 14 ф-тет, 116 кафедра, ил. китепкана болгон. 1977—78-окуу жылында ун-тте 16607 студент окуп, 1550 окутуучу (15и акад., корр. мүчө, 79 проф., илимдин доктору, 662 доцент, илимдин кандидаты) иштеген. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган (1970).

ТАШ КЕСКИЧ МАШИНА — тоо тек тутумунан таш араалап алуучу машина. Т. к. м-нын жардамы м-н каптама дубал таштары, ири дубал блоктору ж-а сом блоктор алынат. Т. к. м. адатта рельс б-ча өзү жүрүүчү турактуу рамадан турат. Рамага кесүүчү аспаптарды айландыргыч ж-а машинаны жылдыргыч орнотулган. Т. к. м-да кесүүчү аспап катары диска формасындагы араа, шакек сымал фреза, катуу тиштер м-н жабдылган тизмектүү ж-а штангалуу багыттагыч рама колдонулат. Т. к. м-лар пайдаланылышы, алынуучу продукциянын түрү, кесүүнүн бийиктиги, операцияларды аткаруу принциби б-ча айырмаланат. Таш кесип алуунун бир кыйла рационалдуу технол. схемасын колдонууга мүмкүндүк берүүчү конструкцияларды түзүү, кесүүчү аспаптарды өркүндөтүү, кесилген ташты ж-а аны калдыктарын жыйноо ж-а тизип пйүүнү механикалаштыруу, машинанын негизги түйүндөрүн ж-а тетиктерин унификациялоо ж-а аны башкарууну автоматташтыруу Т. к. м-ны өркүндөтүүгө оболгo түзөт.

Ад.: Гальперин М. И., Абезгауз В. Д., Машины для резания камня, 2 изд., М., 1964.

ТАШ КОНСТРУКЦИЯЛАРЫ — имараттын ж-а курулманын таш материалдарынан жасалган күч келүүчү ж-а тосмо конструкциялар *(фундамент,* дубал, мамы, арка ж. б.). Ал отко чыдамдуу келип, көпкө чейин турат да, жерг. материалдардан даярдалат. Т. к. үчүн жасалма ж-а табигый таш материалдары: кирпич, карама ж-а бетон таштары, туташ ж-а көндөй бетон блоктору, оор ж-а жеңил тоо тектер, курулуш эритмелери колдонулат. Ал материалдар имараттын бекемдик, *сууга туруктуулук,* жылуулук өткөргүчтүк, сууга ж-а абага чыдамдуулук ж. б. касиеттерин канааттандырууга тийиш. Азыркы курулушта Т. к.— (кирпич м-н таштан тургузулган дубал м-н *фундамент)* курулуш конструкцияларынын эң кеңири таралган түрү. Т. к. курулуштун оздук наркынын 15—30%ин түзөт. Т. к-нын бекемдигин арттыруу үчүн ага кошумча болот арматура (к. *Арматура),* арматуралуу *темир-бетон* орнотулат.

ТАШ КОҢУЗЧУЛАР (Cottidae) — балыктардын деңиз түрүлөрү түркүмүндөгү тукуму. Башы чоң, жонунда 2 сүзгүчү бар. Денесинин уз. 60—75 *см,* салм. бир нече *кг,* эң кичинелери (5—6 *см*) да кездешет. 60 уруугa кирген 200 түрү бар. СССРде 100гө жакын, анын 2 түрү Кырг-нда (түркстан ж-а чаткал Т. к-ы) кездешет. Т. к. негизинен Түн. жарым шардын деңиздеринде ж-а сууларында, түштүктө 2 гана түрү таралган. Уруктануусу кышында же жазында өтөт. Алар ар кандай омурткасыздар, балыктар ж. б. м-н азыктанат. Деңиз Т. к-ынын промыселдик мааниси бар.

ТАШ-КОРГОН — Ош обл-ның Фрунзе р-нундагы Кара-Добо айыл советине караптуу кыштак. Ленин атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Фрунзе кыш-нан 35 *км* чыгыш тарапта. Кызыл-Кыя т. ж. станциясынан 8 *км.* Калкы 1652 (1979). Орто мектеп, китепкана, ооруканa бар. Т.-К. 1940-ж. орношкон.

ТАШ КӨМҮР — өсүмдүктөрдүн ташка айланган калдыктарынан пайда болгон чөкмө түрүндөгү каралжын түстөгү катуу зат. Составында 50%ке чейин минерал кошундулар болот. Алар негизинен Si, Al, Fe, Ca, Na, K, S ж. б. элементтер. Т. к. гумустуу (татаал түзүлүштөгү өсүмдүк калдыктарынан жаралган), сапропелиттүү (жөнөкөй түзүлүштөгү өсүмдүктөр м-н планктондордон), гумус-сапропелиттүү (аралаш) болуп 3 түргө бөлүнөт. Метаморфизмделиш процессине жараша күрөң көмүр Т. к-го айланат. Т. к. негизинен энергетикалык отун катары, хим. сырьё ж-а кокс, газ алыш үчүн пайдаланылат.

ТАШ-КӨМҮР — Ош обл-ндагы шаар (1943-жылдан). Карамагына Кызыл-Жар ж-а Шамалды-Сай ш. т. посёлкалары кирет. Нарын д-ның оң жээгинде, Фрунзе — Ош автомобиль жолунун боюнда. Т. ж. станциясы. Ош ш-нан 166 *км* түн.-батыш тарапта. Климаты мелүүн континенттик. Январдын орт. темп-расы —3°С, июлдуку 27,5°С. Жылдык жаан-чачыны 403 *мм.* Негизинен кыргыз, орус, өзбек, татар ж. б. улуттар жашайт. Т.-К. ушул аймактагы көмүр бассейнин өздөштүрүдө пайда болгон. Улуу Окт. соц. рев-ясы ж-а Граждан. согуш мезгилинде көмүр казып алуу токтотулган. 1930-ж. көмүр кени кайра ачылып, азыркы шаардын ордуна шахтёрлордун кичинекей посёлкасы курулган. Азыр шаар — респ-кадагы көмүр казып алуунун негизги борборлорунун бири; анда эң ири көмүр кен башкармасы иштейт. Т.-К. Кырг-ндагы казып алынган көмүрдүн 22%тен көбүн берет. Шаарда нан, тамеки ферменттөө з-ддору, үй тиричилик комбинаты, типография иштейт. 1977—78-окуу жылында 8 орто, 1 башталгыч мектеп, кечки-лик окуу жайы болгон. Мад-т, пионер үйлөрү, кинотеатр, китепкана, ооруканa ж-а аптекалар иштейт. Шаардык эс алуу багында Улуу Ата Мекен согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

ТАШ-КӨМҮР ГЛИЕЖ КЕНИ — Ош обл-ның Жаңы-Жол р-нундагы глиеж чопосу жаткан жер. Фергана кырка тоосунун батыш капталында, Уч-Коргон т. ж. станциясынан 35 *км* чыгыш тарапта. Кенди 1943-ж. геолог Л. Т. Кононов ачкан. 1956-ж. «Средазуглегеология» трести, 1960-ж. Кыргыз ССР геол. башкармасы (И. И. Молоков) чалгындоо жумуштарын жүргүзгөн. Кен аймагында юра мезгилинде пайда болгон көмүрлүү чөкмө тоо тек катмары жатат. Пайдалуу глиеж Каз-Сай, Шингасай ж-а Сары-Камыш көмүрлүү кабаттарынын жер астында табигый орттонушунон бышкан (күйгөн) кумдук, чопо ж-а алевролит тектеринен турат. Техпол. касиеттери б-ча кенден активдүү минералдык кошумчалар катары жог. маркадагы пополан-портланд цементтерин даярдоого болот. Хим. составы: SiO_2 (65—67%), Al_2O_3 (18—19,3%), CaO (2,35%), MgO (1,65%ке чейин). Кендин Шингасай участкасындагы эсептелген запасы 12 млн *т,* бирок аны башка участкалардын эсебинен 2—3 эсе көбөйтүү мүмкүнчүлүгү бар.

ТАШ КӨМҮРДҮ ЖЕР АЛДЫНДА ГАЗГА АЙЛАНДЫРУУ — кысылган абанын же аның кычкылтек м-н аралашмасынын таасири аркылуу көмүр катмарын түздөн түз жер алдында күйүүчү газга айландыруучу физ.-хим. процесс. Бул идеяны 1888-ж. Д. И. *Менделеев* сунуш кылып, 1912-ж. англ. химик У. Рамзай да колдогон. СССРде бул процессти ишке ашыруу үчүн 1930—33-ж. ил. изилдөөлөр жүргүзүлүп, аның бир нече ыкмасы табылган. Алардын бири: бургулоо жолу м-н көмүр катмарына тик же кыйгач каналдар тешилип, алар аркылуу басым астында аба м-н кычкылтектин аралашмасы көмүр катмарына жиберилет. Ысытылган катмарда аралашманын таасири м-н реакция жүрүп, газга айлануу процесси башталат. Пайда болгон күйүүчү газдар каналдар м-н сыртка чыгарылат. Газга айланган көмүрдүн ордунда пайда болгон боштуктар басым өзгөрүлгөндөн кийин тоо тектердин жылышынан толуп, газдануу зонасы өзгөрүлүп, көмүрдүн жаңы катмары реакцияга кирет. Пайда болгон газдын жылуулук берүү жөндөмдүүлүгү кычкылдандыруучу аралашманын составына жараша болот. Алынган газ хим. сырьё катары аммиакты синтездөөдө ж-а углеводороддорду алууда пайдаланылат. Көмүр катмарлары шахта жолу м-н ишттелүүгө ыңгайсыз болгон учурда бул процесс пайдалуу.

ТАШ КӨМҮР КАРА МАЙЫ — таш көмүрдү *кокстоодон* болүнгөн чайырлар; *фенол* жыттуу, илээшкек, коюу кара суюктук. Ал — аромат гетероциклдүү бирикмелерден ж-а алардан пайда болгон заттардан турган татаал аралашма, кеңири темп-ра чегинде кайнаганда көп фракцияларга бөлүнөт. Алардан 400дөн ашык жекече бирикмелер аныкталган. Алынган жекече бирикмелер ар түрдүү боёгуч заттарды, дары препараттарын, орг. эриткичтерди, пластмассаларды ж-а түрдүү синтет. буюмдарды жасоодо кеңири колдонулат. Жекече бирикмелер болүнгөндөн калган фракциялар тех. май, ыш, антисептикалык заттарды ж. б. даярдоодо пайдаланылат.

ТАШ КӨМҮР МЕЗГИЛИ (СИСТЕМАСЫ), карбон — палеозой заманындагы геол. мезгил; жер кыртышындагы тоо тек катмарларынын палеозой тобундагы бешинчи системасы. Девон мезгилинен (системасынан) кийин, пермь мезгилинен (системасынан) мурда турат. 1822-ж. англ. геологдор У. Конибир ж-а У. Филлипс Улуу Британиянын аймагынан аныкташкан. 1839-ж. Р. Мурчисон ж-а А. Сежвик өз алдынча система катары болуп, Европадагы ага окшош тоо тектердин арасында таш көмүр көп кездешкендиктен аны Т. к. м. (системасы) деп аташкан. Мезгил 350 млн жыл мурда башталып, узактыгы 65—75 млн жылга созулган. Т. к. м-нин бүткүл дүйн. кабыл алынган бирдиктүү бөлүмдөрү жок. СССРде Т. к. м. астыңкы, ортоңку, үстүңкү бөлүктөргө бөлүнөт (к. таблица).

Таш көмүр мезгилинин (системасынын) стратиграфиялык схемасы

СССР		Батыш Европа		Түн. Америка	
бөлүм	ярус	бөлүм	ярус	бөлүм	ярус
Үстүңкү	Оренбург Гжель Касимов	Үстүңкү	Стефан	Үстүңкү (Пенсильвания)	Виргилий Миссури
Ортоңку	Москва Башкырт	(Силезия)	Вестфаль Намюр		Дисмойн Аток Морров
Астыңкы	Намюр Визе Турне	Астыңкы (Динант)	Визе Турне	Астыңкы (Миссисипи)	Честер Мерамек Осеж Киндерхук

Т. к. м-нин чөкмө тектери бардык материктерде таралган. Түн. жарым шар платформасында көбүнчө деңиз чөгүндүлөрү (акиташ, кумдуу чопо, көмүрлүү тоо тек), Түш. жарым шарда континенттик шартта пайда болгон кесек сыныктуу ж-а муз чөкмөлөрү өнүккөн. Геосинклиналдарда лава катмары, туфтар, туффиттер, кремнийлүү кесек чөгүндүлөр, флиштер кеңири топтолгон.

Геол. процесстердин мүнөзү ж-а палеогеогр. кырдаалы б-ча бүт Жер шары Т. к. м-нде эки өнүгүү этабына бөлүнөт. Биринчи этап — алгачкы карбон, экинчи этап ортоңку ж-а кийинки карбон өнүгүү мезгилин камтыйт. Алгачкы карбондо ири аймактар бүктөлүүлөргө дуушарланып, *трансгрессия* процесси жүрөт да, Европаны, Азиянын ж-а Түн. Америкадагы көп бөлүгүн, Түш. Америкадагы батыш четин, Түн.-Батыш Африканы, Австралиянын чыгыш бөлүгүн деңиз суулары каптайт. Көптөгөн майда аралдар пайда болот. Бирден бир кургак массив Гондвана гана болгон. Карбондун ортосунда деңиз суулары тартыла баштайт. Батыш Европа, Батыш Сибирь түздүгү, Каз-н, Ортоңку Сибирь ж. б. жерлер көтөрүлүүлөргө дуушарланып, кургакка айланат. Карбондун 2-жарымында герцин орогенезинен (Тянь-Шань, Каз-н, Урал, Европанын түн.-батыш бөлүгү, Чыгыш Азия, Түн. Америка) тоо кыркалары пайда боло баштап, геосинклиналь бүктөлүштөрүндө интрузия ж-а жанар тоо тектери жиреп чыккан.

Т. к. м-нде жалпысынан нымдуу климат өкүм сүрүп, тропиктик, субтропиктик ж-а мелүүн алкактар кезектешип, токой м-н саздардын пайда болушуна шарт түзүлгөн. Өсүмдүктөрдөн плаун түрүндөгүлөр, жылаңач уруктуулар, папоротниктер, хвощтор, дөңсөөлөрдө ийне жалбырактуулар кеңири аянттарга тараган. Саздуу өрөөндөр, жапыл токойлор материктердин көпчүлүк бөлүгүн ээлеген. Т. к. м-нде жаныбарлардын арасында орчундуу өзгөрүүлөр жүрүп, девон мезгилиндегилердин көбү дээрлик түкүм курут болгон. Алардын ордуна жаныбарлардын жаңы түрлөрү келип чыккан. Форамининферлер, мшанкалар, брахиоподор, көндөй ичегилүүлөр кеңири тараган. Кургактарда стегоцефалдар, сойлоочулар, жоргомуштор, канатынын уз. 50—70 *см*ге жеткен гигант ийнелик-тер пайда болобаштаган. Деңиздерде балыктар, үлүлдөр, кораллдар кеңири тараган. Караганды, Экибастуз, Минуса, Донбасс, Кузнецк, Тува ойдуңдарында калың. 4—5 *км*ге жеткен көмүрлүү катмарлар, Волга-Урал обл-нда, Днепр-Дон чуңкурдугунда нефть м-н газдын ири кендери пайда болгон. Темир, алюминий, жез, марганец, алтын, күмүш, платина, ниик, кобальт, вольфрам, молибден ж. б-лардын кендери пайда болгон. Т. к. м-нин тоо тек кабаттары Кырг-нда кеңири тараган.

Ад.: Геология угленосных формаций и стратиграфия карбона в СССР, М., 1965; Историческая геология, М., 1974; Геохронология СССР, т. 2, Фанерозой, Л., 1974; Геология СССР, т. 25, кн. 1, М., 1972.

ТАШ-КӨМҮР (НАРЫН) КӨМҮР КЕНИ — Ош обл-ндагы көмүр кабаттары жайгашкан жер. Таш-Көмүр ш-нын аймагында, Нарын д-ның оң жээгинде. Ат-Ойнок кырка тоосунун түш. этегинде. Мындагы көмүр жерг. элге эзелтен белгилүү. Алгачкы геол. маалымат И. В. Мушкетовдун эмгегинде (1886) берилген. Геол. чалгындоону кийин Кыргыз ССР геол. башкармасы жүргүзүп, запасы эсептелген. Кен Түн. Фергана көмүрлүү райондун аймагында жайгашып, кендик багытындагы ири антиклиналь түзүлүшү м-н эки бөлүнүп жатат. Антиклиналдын ядросу палеозойдун (таш көмүр мезгили) чөкмө тектеринен (чопо, кумдук, акиташ) турат. Алардын үстүндө юра ж-а бор мезгилдеринин континенттик чөкмөлөрү жатат. Бийыркы тоо тектер деэрлик бардык жерде антропогендин борпоң чөкмөлөрү м-н басырылган. Көмүр юра мезгилинин конгломерат, кварцтуу кумдук, аргиллит, алевролит, көмүрлүү чопо катмарларынын арасында. Кенде калың. 0,62—3,70 *м* келген аргиллит ж-а көмүрлүү чопо кабаттары м-н бөлүнгөн көмүрдүн беш кабаты бар. Көмүр гумустуу узун жалын м-н күйүүчү күрөң көмүрдүн тобуна кирет. Күйүүдөгү орт. жылуулук бериүү кубаты 7600 *ккал/кг.* Орт. күлдүүлүгү 11—15%. Көмүрдөн жалпысынан куймалык ж-а металлургиялык кокс алууга болот. Көмүр Таш-Көмүр рудниги тарабынан жер астынан казылат. Анын жылдык казып алуу мүмкүнчүлүгү 860 миң *т* (1968). Казып алынган көмүр респ-када отун катары пайдаланылат.

Ад. к. Түндүк Фергана көмүрлүү район маналасынан.

ТАШ-КӨМҮР ҮҢКҮРҮ — мезолит мезгилиндеги арх-ялык эстелик. Үңкүр Узун-Акмат тоосунун аки таш теги чыккан жеринде, Кара-Суунун Нарынга куймасынан 0,5 *км* жетпей сол жээгинде казылган. Анын уз. 14,5 *м,* туурасы 6,5 *м* (жазы жери), оозунун бийикт. 6 *м.* Кире беришинде туурасы 5,5 *м* ыңгайлуу аянтча бар. Изилденген жердин 1,1 *м* терецинен көп таш курал, кыргыч, кичинекей пластина, урчуктуу таштар табылган. Т.-К. у.— О. Азияда мезолит доорунан калган белгилүү арх-ялык эстеликтердин бири.

ТАШ КӨПҮРӨ — негизги көтөрүүчү конструкциялары табигый таштан, кирпичтен, бетондуу блоктон жасалган *көпүрө.* Т. к. түркүктөн, аркадан ж-а арканын үстүндөгү конструкциядан турат. Т. к. арх-ралык кооздугу, көпкө чыдамдуулугу м-н өзгөчөлөнөт. Милдеген жыл бою бузулбастан тургап. Т. к-лөр белгилүү. Т. к-нүн бир түрү — түркүгү бүтүндөй бетондон жасалган бетон көпүрө.

ТАШ-КУДУК — Ленинполь р-нундагы Кызыл-Октябрь айыл советине караптуу кыштак. «Үрмарал» к-зунун аймагында. Эчкилүү ж-а Үрмарал тоолорунун аралыгында жайгашкан. Райондун борбору Ленинполдон 9 *км* түн.-чыгыш тарапта. Жамбыл т. ж. станциясынан 90 *км.* Калкы 714 (1979). Китепкана бар. Т.-К. 1928-ж. орношкон.


ТАШ КҮЮУ, базальт күюу, шлак күюу — тоо тектерди чопо же темир формаларга эритип күюу жолу м-н санаттуу жасалма таш тетиктерди алуу. Катуулук, коррозияга туруктуулук ж. б. касиет берсин үчүн күюлган буюмдар 800—900°Сде ысы-

тылып, акырындык м-н муздатылат. Т. к-дагы сырьё — негизинен *базальт*, кээде *диабаз* ж. б. Даярдалган буюмдар бекем ж-а кислотага туруктуу келет. Т. к. түтүк, кислотага туруктуу аппаратура, көпүрө, электр-тех. изолятор, корком скульптура буюмдарын, дубалга каптама такталарды ж. б. даярдоо үчүн колдонулат.

ТАШ-КЫЯ—Ош обл-ныи Совет р-нундагы Кара-Кочкор айыл советине караштуу кыштак. «Кара-Кулжа» с-зунун аймагында. Райондун борбору Кара-Кулжадан 15 *км* түн.-батыш тарапта, Кара-Суу т. ж. станциясынан 85 *км*. Калкы 1125 (1979). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

ТАШ-КЫЯ — Ысык-Көл обл-ныи Ак-Суу р-нундагы Челпек айыл советине караштуу кыштак. Ысык-Көл тажрыйба селекция станциясынын аймагында. Пржевальск ш-на чектеш. Райондун борбору Теплоключенкадан 12 *км* батыш тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 220 *км*. Калкы 1407 (1979). Башталгыч мектеп, китепкана бар. Т.-К. 1918-ж. орношкон.

ТАШ ПЛОТИНА — негизги конструкциясы таш материалдардан тургузулган тосмо. Азыркы суу тех. курулмаларда Т. п. таштан тизилип үйүлгөн, жарымы кыналып, жарымы үйүлгөн, таштан кыналып коюлган (к. сүрөт) болуп айырмаланат. Суу Т. п-ныи өзүнөн (туюк салынса) же жээктеги



Таш плотинанын түрлөрү: *а, б* — таш үйүлгөн; *в* — таш кынап коюлган; *г* — жарым үйүлгөн (күч берүүчү болгүчө кыналып, ал эми төмөнкү болгүчө таш үйүлгөн); *д* — үйүлгөн (күч берүүчү бетон дубалдуу).


суу өткөргүчтөн — водосбростон агызылат. Т. п-нын негизги материалдары: кесек таш, шагыл, кесек кум. Жерг. материалдарды колдонуу мүмкүндүгү Т. п-ны айрым геогр. аймактарда кеңири курууга шарт түзөт.

ТАШ-РАБАТ — О. Азиядагы ири архралык эстеликтердин бири. 15-к-да курулган. Ат-Башы кыш-нан 80 *км* түш.-чыгыш тарапта, Фрунзе-Торугарт жолунан 18 *км*. Тимурилер мам-

Таш-Рабаттын башкы фасады (1960-жылкы сүрөт).



лекетинен Кытайга кеткен жолдогу бекемделген бул курулуш көпөстөр, элчилер ж-а миссионерлер түнөп өткөн кербен сарай деп болжолдонот. Т.-Р. арх-ралык корүнүшү жагынан



Таш-Рабаттын планы: 1 — коридорлор; 2— кароол үйлөрү; 3 — түнөк жайлары; 4 — борб. зал; 5 — аткана; 6 — таман даярдоочу жай.

Самаркан курулуштарына окшош. Бийик. 20 *м*дей. Тик бурчтуу формадагы 31 бөлмөдөн турат (алардын 20сы там чамгарак, 11и свод м-н жабылган). Тышкы дубалынын калыңд. 1,80—2,20; 2,26—2,60 *м*, ички дубалыныкы 1,07ден 1,84 *м*ге чейин. Бөлмөлөр үч топко бөлүнөт: 1) 16,25×3,75 *м* болгон борб. коридор; 2) бөлмөлөр борб. коридордун оң, сол жагына орношкон; 3) 9,25×9,15 *м* келген борб. там чамгарак залы ж-а анын тегерегинде жайгашкан бөлмөлөр. Борб. коридордогу 1-эшик аркылуу үч кароол үйүнө өтөт. Экинчи топто аткана бар. Т.-Р-тын негизги фасады чыгышты карайт.

Ад.: Нусов В., Архитектура Киргизии с древнейших времён до наших дней, Фр., 1971.


ТАШТАК—Ош обл-ныи Ленин р-нундагы Хиля айыл советине караштуу кыштак. Энгельс атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Ленин-Жолдон 18 *км* батыш тарапта. Таш-Көмүр т. ж. станциясынан 50 *км*. Калкы 350 (1979).

ТАШ-ТОПУРАК ПЛОТИНА — көпчүлүк болгуу таш материалдан, ал эми суу сиңирбес түзүлүшү сууну аз өткөрүүчү чопо топуректан курулган *плотина*. Материалдын колдонулушуна ж-а суу өткөрбөстүгүнө жараша Т.-т. п. 5 түргө бөлүнөт. Т.-т. п-ныи конструкциясы өтө жөнөкөй, жерг. курулуш материалдары колдонулгандыктан өтө кеңири таралган.

ТАШ ТУЗ, кайнатма туз—1) галит минералы. Хим. составы NaCl. *Куб системасында* кристалланат. Өңү түссүз, тунук; составында орг. заттар, темир кычкылы кездешсе күрөң, боз, кызгылтым. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 2; салышт. салм. 2,2. 2) Галит минералынан түзүлгөн чөкмө тоо тек. Чопо же майда кумдуктардын арасында жука кабатча, чачынды, кабат, линза түрүндө учурайт. Т. т. экзоген процессинде пайда болот. Т. т-дун Кырг-нда Кочкор, Шамшыкал, Кичи-Кул ж. б. кендери белгилүү.

ТАШТУУ ТУНГУСКА, Чулакан; Ортоңку Тунгуска — РСФСРдин Красноярск крайы м-н Иркут обл-ндагы дарыя, Енисейдин оң куймасы. Уз. 1865 *км*, алабынын аянты 240 миң *км*². Ангара токол тоосунан башталып, Төтөрөнин чатынан Катанга деп аталат. Орто Сибирь бөксө тоосу аркылуу агып, нугунда сайроондорду ж-а босоголорду пайда кылат. Негизинен кар (60%), жамгыр (16%) ж-а булактардан (24%) куралат. Суунун орт. чыгымы чатында 1750 *м*³/*сек*, эң көбү 35 000 *м*³/*сек*, эң азы (кышында) 3—15 *м*³/*сек*. Октябрдын орто ченинде тоңуп, майда ачылат. Түздукте үйөр күчтүү жүргөн кезде муз үймөктөрүнүн бийиктт. 29,7 *м*ге жетет. Куймалары: Төтөрө, Чуня (оң); Вельмо (сол). Чатынан 1146 *км*ге чейин кеме жүрөт. Боюнда Ванавара, Байкит, Подкаменная Тунгуска кыш. жайгашкан.

ТАШТЫК МАДАНИЯТЫ — Түш. Сибирдеги арх-ялык мад-т. Енисей боюндагы Батени кыш-на жакын Таштык суусунун атынан аталган. Б. з. ч. 1-к.— б. з. 5-к-па таандык. Енисей д-ныи ортоңку боюна кеңири тараган. Көрлөрдүн көпчүлүгүнө олүктүн күлү коюлган. Т. м. динлин ж-а гяньгун урууларыныи мад-тыныи кошулушунан пайда болгон. Көрлөрдөн гипс бет кептер (маска), карапалар,



Таштыктан табылган бет кептер.

айрым буюмдардын моделдери, шайынын калдыктары, коло кузгулөр, лакталган идиштер табылган. Кадырлуу адамдар коюлган көрлөрдөн атын, койдун, бугунун, буканын статуялары (жыгачтан жасалган) кезигет.

Ад.: Кызласов Л. Р., Таштыкская эпоха в истории хакасско-минусинской котловины, М., 1960; Киселев С. В., Древняя история Южной Сибири, М., 1951.

ТАШУУ, ташуу келишими— гражд.-укук келишимдеринин бир түрү. СССРде гражд. закондор, союздаш респ-када гражд. кодекс, о. эле СССР т. ж. уставы, СССР ички суу транспорт уставы, РСФСР автомобиль транспорт уставы, СССР соода-деңиз сүзүү кодекси ж-а СССР аба кодекстери м-н жөнгө салынган жоболордун жыйындысы. Ташуучу м-н кардардын (жүктү жөнөтүүчү ж-а алуучу) укугу ж-а милдеттери аныкталган. Т. келишими транспорттун түрүнө, ташылуучу объектиге (буюм, персө), ташууга катышуучулардын санына ж-а ташуу мөөнөтүнө жараша бир нече топко бөлүнүп, Т. келишими б-ча ташуучу (транспорт уюму) жүктү дайындалган пунктка жеткирүүгө ж-а кабыл алууга укуктуу кишиге откорүп берүүгө, жөнөтүүчү тарап жүк Т. үчүн акы төлөп берүүгө милдеттенет.


ТАШЫРКОО — унаа түлгынын жыйылып, кетилип, турасынын көрүнүп калышы. Т-до мал аярлап басып, аксай баштайт. Буга жол бербөө үчүн көлүктү маалында такалап туруу зарыл.

ТАШЫРМАН ЧУЛДУК (Tringa hypoleucos) — чулдуктар түркүмчөсүнүн түрү. Уз. 20 *см*, салм. 75 *г*. Жон жагы бир аз жашыл темгилдүү, көгүш күрөң келип, майда чыбырчыктуу. Боору ак, жемсөөсүндө ж-а канталдарында кара көк сызыкча бар. Тумшугу кара, буттары мала жашыл. Европа, Азия, Түн. Африкада таралган. Түш. Азияда, Африканын кээ бир жеринде кыштайт. Т. ч. адатта балдарды ж-а шагыл жээктүү агын суулардан мекендейт. Уясын бадал, куурай же коюу өскөн чөптөрдүн түбүнө жасап, май айында 4—5 жумурткасын туун, эркек-ургаачысы кезектешип 21—23 күн басат. Адатта Т. ч. чыпылдан суу үстү м-н учат да, суудагы ар кандай курт-кумурска м-н азыктанат.

ТАЯН — Ош обл-ныи Баткен р-нундагы Кыштут айыл советине караштуу кыштак. «Биринчи Май» с-зунун аймагында. Сох суусунун жээгинде. Райондун борбору Баткенден 45 *км* түш.-чыгыш тарапта. Исфара т. ж. станциясынан (Тажик ССРи) 65 *км*. Калкы 606 (1979). Сегиз жылдык мектеп, китепкана, участкалык оорукана бар.

ТБИЛИСИ (1936-жылга чейин— Тифлис) — шаар, Грузин ССРинин борбору. Тбилиси чуңкурдуугунда. Кура д-ныи ойуз-бүйүзүндө жайгашкан. Аянты 348,6 *км*². Калкы 1066 миң (1979). Шаар 8 районго бөлүнөт.

Б. з. ч. 4-миң жылдыкта Т-нии ордунда алгач турак жайлар пайда болгон. Б. з. 4-к-нда — шаар-чеп. Падыша Вахтанг I Горгасал мезгилинде (5-к-дын аягы) Чыгыш Грузиянын борбору. Чыгыш Грузияны арабдар басып алгандан кийин (8-к-дын ортосу) Т. араб эмиринин резиденциясы. 7—11-к-да шаарды хазар ж-а арабдар бир канча жолу талаган. 1122-ж. грузин падышасы *Давид Куруучу* Т-ни чет элдик баскынчылардан бошотуп, грузин мамлекетинин борбору кылган. 13—18-к-да шаарды хорезмдиктер, монголдор, Тимурдун аскери,



Шаардын жалпы көрүнүшү.

прандыктар ж-а түрктөр талоонго учураткан. 1801-ж. Чыгыш Грузия Россияга кошулгандан кийин Т. Грузии губ-ныи, 1846-жылдан Тифлис губ-ныи, 1844—82-ж. Кавказ наместгубернасынын борбору. 19-к-дын аягында Т. Закавказьедеги рев-ялык кыймылдын борбору болуп калган. 1892-ж. алгач с.-д. уюм — «*Месаме дасиэ*» пайда болгон. 1901-ж. РСДРПнин комитети түзүлгөн. Т. пролетариаты 1905—07-жылдагы рев-яга активдүү катышкан. 1917-жылкы Февр. рев-ясынан кийин жумушчу, солдат, дыйкан советтери түзүлгөн. 1917-ж. ноябрда Т-деги биринчи меньшевиктер эллеп, контрреволюцияны токтотуу комитетин түзүшкөн. 1921-ж. 25-февралда Совет бийлиги калыбына келтирилип, Грузин ССРинин борбору болгон.

Т. респ-канын ө. ж. дүң продукциясынын 33%ин берет. Машина куруу ж-а металл иштетүү (электровоз куруу, Димитров атн. авиация, станок куруу з-ду, а. ч. машиналар, жабдуулар, электр тех. ж-а прибор куруу, байланыш аппаратуралары, чоюн кую з-ддору), жеңил (жибек, жүн, трикотаж, тигүү, булгаары-бут кийим), тамак-аш (шарап, тамеки, май, быштак, сут, эт ж. б.) ө. ж. өнүккөн. Жыгач иштетүү (мебель ф-калары), курулуш материалдар (темир-бетон буюмдары, кирпич ж. б.), фарфор-фаянс, фармацевтика ж. б. өнөр жай тармактары бар. Т.— ири транспорт түйүнү. Аскер-Грузин жолунун акыркы пункту.

Байыркы арх-ралык эстеликтери: Нарикала коргону (4-к.), Анчисхати (6-к.), Метехи чиркөөлөрү (1278—93), Сиони собору (6—7-к.) ж. б. Совет мезгилинде Т. генплан б-ча курулуп, жаңы кварталдар (Авчала, Сабуртало, Дигоми, Глдани ж. б.) пайда болуп, көөз шаарга айланды. Жаңы түлуп, кооз шаарга айланды. Жаңы тулуп, кооз шаарга айланды. Жаңы тулуп, көөз шаарга айланды. Жаңы тулуп, кооз шаарга айланды. Жаңы тулуп, кооз шаарга айланды. Жаңы тулуп, коо



А. Т. Твардовский.



М. Твен.

кан майданда жүрүп, «Василий Тёркин» поэмасын (1941—45; СССР мамл. сыйл., 1946) жараткан. Поэмада карапайым орус солдатынын фольклордук масштабда жалпыланган образы баш каарман Василий Тёркин аркылуу берилген. «Василий Тёркин» — совет поэзиясынын классикалык чыгармасы. Согуштан кийин Т-дин «Жол боюнда турган үй» (1946; СССР мамл. сыйл., 1947), «Мейкиндеп мейкинге» (1953—60; Лениндик сыйл., 1961) поэмалары жарык көргөн.

Акын ойчул лирик катары да белгилүү. Анын «Кыштак хроникасы» (1939), «Загорье» (1941), «Майдан хроникасы» (1941—44), «Чөптөк дептеринен ырлар» (1961), «Үшул жылдар лирикасынан. 1959—1967» (1967; СССР мамл. сыйл., 1971) ж. б. ыр жыйнактары жарык көргөн. Т-дин лирикалык ырларына терең филос. ой, айкын реализм, бийик көркөмдүк мүнөздүү.

Т-дин «Ата журт жана чет жер» (1947) прозалык жыйнагы, «Мешчилер» (1958) ангемеси жарыяланган. Ал ад-ттын ички сырын жакшы билген сынчы катары да таанымал. Анын адабий-сын макалалары «Адабият тууралуу» (1973) китебинде топтолгон. Т-дин чыг-лары дүйнөнүн көп тилдерине, анын ичинде кыргыз тилине да которулган.

Т. 1950—54-ж. ж-а 1958—70-ж. «Новый мир» журналынын редактору, 1950—54-ж. ж-а 1959—71-ж. СССР жаз. союзунун башкармасынын секретары, РСФСР Жог. Советинин депутаты (2—3, 5—6-шайл.) болгон. Үч Ленин ордени, башка 4 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Собр. соч., т. 1—5. М., 1966—71; Василий Тёркин. Фр., 1958; Мейкиндеп мейкинге, Фр., 1962; Ленин жана мешчи. Фр., 1962.

Ад.: Маршак С., Ради жизни на земле. Об А. Твардовском. М., 1961; Турков А., Александр Твардовский. 2 изд., М., 1970; Дементьев В., Александр Твардовский. М., 1976.

ТВЕН Марк (чын аты-жөнү — Сэмюэл Ленгхорн Клеменс; 30. 11 1835, Флорида — 21. 4. 1910, Реддинг) — амер. жазуучу. Жашынан ар кайсы иштерде иштеген. Жазуучулук атын «Ацкоолор чет өлкөлөрдө» (1869), «Телчиккендер» (1872), «Алтын кылым» (1873, Ч. Д. Уорнер м-н бирге жазган) деген китептери таанытkан. «Эски, жаңы очерктер» (1875) жыйнагындагы сатиралык аңгемелери Т-дин дүйн. атагын чыгарган. «Миссисипидеги эзелки убак» (1875) очерки, «Том Сойердин жоруктары» (1876, кыргызчасы — 1957), «Миссисипидеги турмуш» (1883), «Гекльберри Финдин жоруктары» (1884, кыргызчасы — 1969) деген китептеринде социалдык курч маселелер көөлат. «Ханзада менен бакыр» (1882), «Янки...» (1889) чыг-ларында о. кылым ж-догу ойлору айтылат. Кийин Т. «Ачык ооз Вильсон» (1894), «Сырдуу бейтааныш» (1916) чыг-ларын жараткан. 20-к-да Т. дүйн. ад-ттын классиги, улуттук жазуучу катары таанылды. Ал белгилүү юморист ж-а балдар жазуучусу да болгон. Анын чыг-ларын М. Горький, А. Куприн ж. б. жазуучулар сүйүп окушкан. Чыг-ларын көп тилге которулган.

Чыг.: в рус. пер. — Собр. соч., т. 1—12. М., 1959—61; Сокурчу бака. Фр., 1940.

Ад.: Мендельсон М., Марк Твен. М., 1958; Старцев А., Марк Твен и Америка. М., 1963; Фонер Ф., Марк Твен — социальный критик. М., 1961.

ТВЕРЬ — *Калинин* ш-ныи 1931-жылга чейинки аты.

ТВЕРЬ КНЯЗДЫГЫ — 13—15-к-дагы Түн.-Чыгыш Рустагы феод. мамлекет. Борбору — Тверь (1246—1485). Т. к-нда Кашин, Кснятин, Зубпов, Старица ж. б. шаарлар болгон. 13-к-дын 30-жылдарынын аягы — 40-жылдарынын башында Владимир улуу князы Ярослав Всеволодович Переяслав княздыгынан Т. к-н баласы Александр Невскийге болуп берген. 13-к-дын 2-жарымынан Т. к. тез өнүгүп, саясий таасирин күчөгөн. Княздык монгол-татар жапырыгына катуу каршылык көрсөтүп, бир кыйлага чейин оорустардын бошт. күрөшүнүн борбору болгон. Ал Москва княздыгы м-н тентайлашып турган. Т. к-ныи таасири 15-к-дын 30—50-жылдарында Москва княздарынын өз ара феод. согушу кезинде катуу күчөгөн. 1485-ж. 12-сентябрда Москва княздыгынын аскери Т. к-н басып алган соң ал өз алдынчалыгынан ажыраган. Т. к. орус мад-тынын казынасына көп салым кошкон.

ТЕАТР (гр. théatron — оюн коюлчу жай; оюн) — *искусствонун* бир түрү. Анда актёр дүйнөнү драмалык кыймыл-аракет аркылуу көрөрмандарга жеткирет. Т. өнөрүндө ад-т. музыка, живопись, бий, арх-раның көркөм каражаттары эриш-аркак пайдаланылып, көомдук мүнөзгө ээ болот. Т. өнөрүнүн көркөм бийиктикке жетиши да доордун алдыңкы идеясына каныгышы, гумандуу идеал үчүн тайманбай күрөшү, адамдын ички дүйнөсүнүн татаал жактарын, аның көомдук умтулушун терең ж-а туура ачып беришн м-н шартталып, ошондо гана көомчулуктун рухий керектөөсүн канааттандырып, эстетикалык, адептик ж-а саясий багытта тарбиялайт. Т-дын көркөмдүк мүмкүндүгүн, идеялык багытын, б. а. аның чыг-лык жүзүн таанытчу негизги оюн — *драма*. Т.— коллективдүү өнөр; драматург, актёр, режиссёр, жасалгачы, сүрөтчү, композитор, жарык бергич, бычмачы-тикмечи ж. б-дын чыг-лык аракети биригип, оюндун көркөм бийиктикке жетишине багытталат, к. *Актёрдук искусство, Репетиция*.

Муз. театрда *(опера, балет, оперетта*, мьюзикл) кыймыл-аракет муз. драматургиянын каражаттары м-н толукталып, ар бир түрүнүн көркөм образды түзүндүргүч (опера — ыр, балетте — бий ж. б.) өзгочөлүгүнө багындырылат. Т. өнөрүнүн башаты байыртан, элдик үрп-адат, салтанаттардан башталат. Алгачкы трагедиялык, комедиялык салт оюндарында *(мистерия* ж. б.) драманын элементтери ыр, бий, маска, хор аралаш колдонулган. Акырындан ырым-жырым, салттан болүнүп, өзүнчө оюн катары уюшулган. Актёр м-н көрөрман болуп болүнүшү Т-дын көомдук милдетин аныктады. Бул процесс айрыкча Байыркы Грецияда даана байкалат. Анда б. з. ч. 5-к-да эле Т. элдик жыйындын очогуна айланган (к. *Греция Байыркы*). Т. өнөрүнүн адепки формаларында адамдын жеке өзгочөлүгү эмес, типтүү мүнөздөрү сакталган. Андай өзгочөлүк батыш-европ. кыдырма актёрлорго (гистрион, *жонглёр*, орустун *скоморохтору* ж. б.) мүнөздүү болгон. 14—16-к-да бир катар өлкөдө (Италия, Франция, Германия ж. б.) Т-дын аялтта ойлоп формасы *фарс* өнүгүп, ал *Кайра жаралуу* доорунда тунгуч профессионал Т-дын (16—17-к-да Италияда Комедия дель арте) пайда болушуна алып келди. Чыг-лык милдеттин кеңиши, тереңдеши Т. өнөрүнүн жиктелишин шарттады (16—17-к-да — опера, 18-к-дын ортосунда — балет, 19-к-дын ортосунда — оперетта ж. б.).

Кайра жаралуу доорунда гумандуу мад-т античный Т-дын салтын уласа (У. Шекспир, М. Сервантес ж. б.), *классицизмдин* таралышы м-н ички ж-а тышкы карама-каршылыкты, кыйынчылыкты жеңе билген каарман-дын образдары жаралды. 18-к-дын 2-жарымында Т. Агартуу доорунун бурж. идеясын чагылдырып (Вольтер), феод. түзүлүштү айыптады (Г. Лессинг, Ф. Шиллер, Д. Дидро, П. Бомарше, К. Гольдони ж. б.). Бурж. тартипке нааразылык (к. *Романтизм*) Т. өнөрүнүн элдик формасын өнүктүрдү (мис., А. Грибоедов, А. Пушкин орус сахнасын «тескиприлештирүү», элге жакындаштыруу жагын кубаттады). Буга В. Гюго, Ж. Байрон, А. Мицкевич, М. Лермонтовдун, актёрлордон П. Мочалов, М. Ермолованын чыг-лыгы мисал.

Кайра жаралуу доорунда Т. даярдаган, романтизм өнүктүргөн *реализм* 19-к-дын 30—40-жылдары өз алдынча форма катары калыптанды. Россияда реализмдин өнүгүшүнө актёрлор — М. Щепкин, А. Ленский, драматургдар — Н. Гоголь, А. Островский, сынчылар — В. Белинский, Н. Добролюбов кыйла салым кошту. Реализм үлгүсүн өздөштүргөн Москва акад. көркөм театры, анын режиссёрлору — К. Станиславский, В. Немирович-Данченко оюн коюунун жаңы көркөм каражаттары м-н өнөрүн байытты. Окт. рев-ясы Т. өнөрүнүн өнүгүшүнө кеңири жол ачты. Т-дын классикалык салты соц. рев-я, анын идеялык, агартуучулук милдети үчүн кызмат өтөөгө багындырылды. Улуттук Т. өнөрү соц. реализм методу б-ча өрүш алды (к. Союздаш респ-калардын театрын, о. эле атайын том: *Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын* театры).

Т. имараты адегенде Байыркы Грецияда (б. з. ч. 6-к.) пайда болгон. Алар ачык курулуп, үч бөлүктөн турган. Б. з. ч. 4-к-га чейин жыгачтан, кийин таштан курулган (Римдеги Помпей Т., б. з. ч. 55—52-ж.). Тунгуч жабык Т. Римде (б. з. ч. 3—1-к.) түргүзулган. Опера өрүш алган кезде (17-к-дын 1-жарымы) Т-га көрүүчүлөр залы кошулган (мис., Венециядагы «Сан-Кассино», 1630), Италиядагы Т. имаратынын мыкты үлгүсү — *«Ла Скала»* (1778). 18—19-к-да Россияда Т. имаратынын италиялык типи *(Чоң театр, Ленинград академиялык драма театры)* тараган. Орус ж-а дүйн., арх-раның үлгүсү м-н А. Малдыбаев атн. *Кыргыз опера жана балет театры* да салынган.

Ад.: Маркс К., Энгельс Ф., Об искусстве, т. 1—2, М., 1967; Ленин В. И., О культуре и искусстве, М., 1956; Авдеев А. Д., Происхождение театра, М.—Л., 1959; Марков П., О театре, т. 1—2, М., 1973—74; Бархин Г. Б., Архитектура театра, М., 1947; Львов Н., Киргизский театр, Л., 1953.

«ТЕАТР» — ай сайын чыгуучу иллюстрациялуу журнал. Алгач «Театр и драматургия» деп аталган. 1937-жылдан Москвада «Т.» наамы м-н чыгат (Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде чыккан эмес). 1953-жылга чейин СССР ЭКСтин иск-во иштери б-ча комитетинин, 1953-жылдан СССР мад-т министрлиги м-н СССР жаз. союзунун органы. Ар кайсы жанрдагы театрлардын иши, спектаклдер ж-дө макалалар, рецензиялар, көрүнүктүү режиссёрлор, актёрлор, драматургдар, сүрөтчүлөр, чет эл театрлары ж-дө очерктер, пьесалар, театр романдарын, повесттер ж. б. материалдарды жарыялайт. Тиражы 35 000 (1979).

ТЕАТР БЕТ КЕБИ — кандайдыр бир ролдорду (оң-түстү, айбан тумшугун, мифологиялык жандыктын башын) элестетип көрсөтүү үчүн атайын даярдалган бет кеп. Т. б. к. кагаз, папьемаше ж. б. материалдардан жасалат. Т. б. к. байыркы ырым-жырымдарда, античный театрда, кийин скоморохтор ж. б-лардын оюндарында колдонулуп, андан соң театрга актёрдун гоими катары пайдалануага өткөн.

ТЕАТР ЖАСАЛГА ӨНӨРҮ — жасалга, кийим, жарык ж-а техниканын жардамы м-н *спектаклдин* образдуулугун арттыруу өнөрү. Анын өнүгүшү театр, драматургия ж-а көркөм өнөрдүн өнүгүшүнө байланыштуу. Бул өнөрдүн элементтери байыркы элдик үрп-адатта, оюндарда болгон. Байыркы Грецияда б. з. ч. 5-к-да эле көлөмдүк жасалга колдонулуп, ага эллинизм доорунда живопись кошулган. Анын принсибин Байыркы Рим театрлары өздөштүрүп, *көшөгө* колдонгон. О. кылымда Азиянын көп өлкөлөрүндө окуя өткөн жерден конкреттештирүүчү шарттуу-символдуу сахна жасалгасы пайдаланылган. 15—16-к-да Италияда (Брунеллески, Леонардо да Винчи, Рафаэль ж. б.) перспективалуу жасалганы, 16-к-да С. Серлио трагедия, комедия ж-а пасторааль үчүн жасалганын үч түрүн ойлоп тапкан. 17-к-да театр механизмдери кеңири колдонулуп, *кулисанын* (итал. Ж. Алеотти) пайда болушуна алып келди. Айрыкча опера-балет жанры бай жасалгаланды. 18-к-да жасалгалуу павильондор түзүлдү. 18-к-дын 2-жарымында бир туугап Бельскийлер, И. Я. Вишняков, И. Фирсов сыяктуу орус жасалгачылары өсүп чыкты. Т. ж. ө-нө 1870—80-ж. Мейнинген (Германия) театрынын жасалгасы кыйла таасир тийгизди. 19-к-дын акыркы чейрегинде орус Т. ж. ө. абдан гүлдөгөн. В. Д. Поленов, В. М. Васнецов, К. А. Коровин, В. А. Серов ж. б-лар станковый живописти пайдаланып, оюндун поэтикалык трактовкаланышына көп көңүл бурду. *Москва академиялык көркөм театры* жасалга өнөрүнө «турмуштук» түр бергени, ар бир оюнду өзгочөлүү жасалгалагаяны м-н дүйн. Т. ж. ө-нө реалисттик реформа жасады. 1930-жылдары жасалга өнөрүнүн соц. реализм методу калыптанып, көломдүк жасалга живопись м-н байланышы (Н. П. Акимов, Н. И. Альтман, М. П. Бобышов, А. Г. Тышлер, Ю. И. Пименов ж. б.). Улуттук театр жасалгасы да улуттук колоритти сактоо м-н Т. ж. ө-н өнүктүрүүгө салым кошту. Буга кыргыздын «Манас», «Айчүрөк» сыяктуу операларынын жасалгаланышы күбө. Кырг-нда бул өнөрдүн өнүгүшүнө А. В. Арефьев кыйла салым кошту.

Ад.: Всесоюзная выставка работ художников театра, кино, телевидения, Москва, 1967. [Каталог], М., 1972; Давыдова М. В., Очерки истории русского театрально-декорационного искусства XVIII — начала XX в., М., 1974.

ТЕАТР КИЙИМИ, костюм (фр.-ж-а итал. costume — салт дегенден) — актёр сахнада образ мүнөзүн ачуу үчүн пайдаланган ар кандай кийимдер, буюмдар. Образ мүнөзүнө жараша ылайыкталып жасалган чачты тароо ж-а *грим* аны толуктап турат. Т. к. режиссёрдун максатына ылайык актёр аткарган кейипкердин сырткы турпатын, ички сапатын аныктоого өбөлгө түзүп, жүрүп жаткан окуянын тарыхый, социалдык, экон. ж-а улуттук чөйрөсүнүн өзгочөлүгүн ачат. Көркөм жасалганын башка компоненттери м-н бирге спектаклдин сырткы образын түзүүгө жардам берет. Кийимдердин тандалып алынышы чыгарманын жанрына, темасына жалпы эле колориттүү чечилишине жараша театр сүрөтчүсүнүн өз алдынча чыг-лык фантазиясынан жаралат.

ТЕАТРЛАШТЫРЫЛГАН МАЙРАМДАР — СССРде тематикасы б-ча көркөм программаларды биригтирип театрлаштырылган массалык оюн-тамаша. Сценарийдин негизинде режиссёр коёт. Ал ачык сахна, стадион, аянт, арена ж. б. жайларда көомдук маанини зор окуя же айрыкча маанилүү датага байланыштуу өткөрүлөт. Т. м. Улуу француз рев-ясын 100 жылдыгында (1969—70), СССРдин түзүлгөндүгүнүн 50 жылдыгында (1971—73), Кыргыз ССРи м-н Кырг-н Компартиясынын 50 жылдыгында (1974) Т. м. болгон.

ТЕАТР ӨНӨР ИНСТИТУТУ А. В. Луначарский атн. (ГИТИС) — СССРдеги эң ири театр жог. окуу жайларынын бири, театрдык билим берүүнүн методикалык борбору. 1878-ж. Муз.-драма ин-ту болуп негизделип, 1935-жылдан азыркы наамда. Анда Л. В. Баратов, И. Н. Берсенев, В. А. Орлов ж. б. театр ишмерлери сабак берген. Ин-тта улуттук студия м-н актёрдук, режиссёрдук (драма, муз. театр, эстрада ж-а цирк режиссёрлору), театр таануучу (экономистер ж-а театр ишин уюштуруу болүмдөрү), муз. театр актёру (балетмейстер ж-а хореография педагогдорун даярдоо болүмү) ф-теттери; аспирантура, 18 кафедра, театр китепканасы бар (1975). 1977—78-окуу жылында ин-ттун күндүзгү (860), кечки (40) ж-а сырттан (580) окуу болүмдөрүндө 1480 (чет өлкөдөн — 84) студент окуган. 216 окутуучу (36сы проф., 15и илимд. доктору, 56сы доцент, 59у илимд. кандидаты) иштеген. Кыргыз ССР эл арт. Н. Кытаев, А. Өмуралиев, С. Далбаев, Кыргыз ССР эмг. сиң. арт. А. Кыдырназаров, З. Молдобаева, А. Усупбеков, У. Исмаилова, Б. Шалтаев ж. б. бул окуу жайды бүтүшкөн. Ин-ттун докторлук ж-а кандидаттык диссертацияны коргоого кабыл алуу укугу бар. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган (1971).

ТЕАТР ТААНУУ — сахна өнөрүнүн тарыхы м-н теориясын изилдөөчү илим. Театр өнөрүнүн өсүшүнө байланыштуу өзүнчө илим катары 20-к-да калыптанган. Т. т.— мад-т тарыхы, философия, социология, эстетика, психол. м-н байланышкан көомдук илимдердин бир тармагы. Т. т-нүн объектилери — театр өнөрүнүн бүткүл компоненти: драматургия, актёр өнөрү, режиссура, жасалга өнөрү, театр арх-расы, театр билими, театр ишин уюштуруу, сахна техникасы, муз. жасалга ж-а оюн коруучулөр. Театр ж-дө илимдин пайда болушу Байыркы Греция ж-а Рим доорына таандык. Негизги теориялык эмгек

Аристотелге тиешелүү. Сахна өнөрү ж-дө теориялык ж-а тарыхый эмгектер 16-к-да (Франция, Англия, Германия) чыга баштаган. Ал эми буларды үзгүлтүксүз изилдөө иши 17-к-дан башталган. 19-к-дын 2-жарымында прогрессивдүү иск-во илими ж-а анын ичинде Т. т-нун өнүгүшү үчүн маркстик философия зор роль ойногон. Ал Улуу Окт. соц. рев-ясынан кийин марксизм-ленинизм классиктеринин эмгектеринде таянган. Т. т-ну өнүктүрүүдө жаңы этап башталган. Кырг-нда Т. т. илимине чыйыр салгандар: Н. Львов, Т. Саманчин, М. Борбугулов, Д. Брудный, Т. Абдумомунов, А. Салиев. 1950-жылдан кийин Т. т. б-ча атайы билими бар Б. Жумабаев, Ж. Иманкулов, Ж. Молдобаев, А. Сырымбетов, А. Жунушев ж. б. театр сынчылары кошулган.

Ад. к. *Театр* макаласынан.

ТЕБЕРДА КОРУГУ Чоң Кавказ тоосунун түн. капталында жайгашкан. Аның Теберда ж-а Чоң Зеленчук д-нын алкымында 2 участкасы бар. Коруктун жалпы аянты 83,13 миң *га*. 1936-ж. тоо токойлорунун ж-а тоо шалбааларынын табигый комплекстерин коргоо ж-а изилдөө үчүн түзүлгөн. Анда бийик чокулар, мөңгүлөр, көлмөлөр бар. Суу бойлору м-н тоо капталдарындагы пихе ж-а жазы жалбыракту токойлордо карагай, жеминтүү тисс, бийик тоодогу наштар жалбыракту мөлмөл зарап, бук, кавказ рододендрон ж. б. өсөт. 2200—2500 *м* бийикте субальп шалбаалары



бар. Жаныбарлары: кавказ текеси, кавказ бугусу, элик, каман, суусар, мадыл, улар, кекилик, чил ж. б. Алтайдан алып келинген тыйын чычкандар байырлашып көбөйүүдө.

Ад.: Малышев А. А., Теберда. (Путеводитель), Ставрополь, 1973.

ТЕБЕТЕЙ — кырбысы көрпөдөн же аң терисинен (түлкү, суусар, кундуз ж. б.) тигилген кышкы жылуу баш кийим. Тарыхый маалыматтар б-ча түрк элдери 6—7-к-дарда киштин (суусар, кундуз ж. б.) терисинен тигилген Т. кийишкен. Андан кийин Т. алгач койдун терисинен төбөсү кууш болуп, төрт же алты талаа бычылып, аңтара кырбысы жасалган. 19-к-дын 1-жарымында аның төбөсү азыркы калпактыкындай жапыздалган. 20-к-дын башында төбөсү мурдагыдан да жапыз келип, тегерек төрт талаалуу, кээде талаасыз да жасалган. Барабара төрт болок талаа чыгарылбай, төбөсү да кырбысындай (тегерек) тигилип, кыздардын Т-и үкү, шуру, бермет ж. б. м-н кооздолгон. Кундуздан Т. тигүүдө кырбы кундуздун жонунан, төбөсү боор жагы м-н тыштаган.

Азыр Т. төрт талаа бычылып, ичи м-н дубайнанын ортосуна кебез же уяң жүн салынып шырылат. Төрт талаа бириктирилип тигилгенде төбөсүндө төрт уручук пайда болот. Т-дин тышы дубайнага кийгизилип, көрпөнүн сыртына кайрылуучу чети Т-дин тышына бириктирилип тигилген соң көрпө сырт жагына кайрылат. Т. формасына карай чоро Т. (төбөсү бийик), шырыма Т. (ичи, тышы кабатталып шырылган), терисине карата түлкү Т., көрпө Т., саңсаң Т., кундуз Т., суусар Т. ж. б. болуп бөлүнөт. Кыздардын Т-инин тышы (төбөсү) кызыл манат, баркыт, тукаба м-н тышталып, шуру, үкү м-н кооздолсо, жигиттердин Т-и кызыл, көк, жашыл ж. б. ачык түстөгү кездеме м-н тышталып, кызыл чок тагылган. Т-ди кыргыз, казак, уйгур ж. б. элдер киет.

ТЕБРИЗ, Таориз — Ирандын түш.-батышындагы шаар. Чыгыш Азерб-н провинциясынын админ. борбору. Ажичай д-ның өрөөнүндө, деңиз деңг. 1364 *м* бийикте жайгашкан. Ирандын СССР ж-а Турция м-н соода байланышындагы маанилүү транзиттик пункту. Т. ж. ж-а автомобиль жол тоому. Калкы 510 миң (1974). Машина куруу, вагон ремонттоо, трикотаж, килем токуу, булгаары, тамак-аш ж. б. өнөр жай ишканалары иштейт. Ун-т бар. Т-ди 3- же 4-кылымда Сасанилер династиясы негиздеген.

ТЕВТОНДОР—герман уруулары. Б. з. ч. 2-к-дын аягында Ютландия ж. а-нан түштүккө ооп, Галлияны басып кирген. Андан *кимврлер*, гельвстер ж. б. уруулар м-н бирге Түн. Италияга аттанган. Бирок б. з. ч. 102-ж. римдик кол башчы Гай Марийдин аскерлеринен кыйрап, ошондон кийин Т. уруу катары эскерилбейт. Кээде жалпы эле германдыктар «Т.» аталат.

ТЕВТОН ОРДЕНИ, Немец же Пруссия ордени, Крестүүлөр ордени — 13—14-к-да Чыгыш Европага агрессия жасап турган немец католик диний-рыцардык орден. 12-к-дын аягында (Палестинада) пайда болуп, 1198-ж. өз алдынча орден деп таанылган. 13-к-дын башында Европага жер которуп, 1230-ж. прусстарды карата баштаган. 1237-ж. ага кылыччандар орденинин калдыктары кошулган соң бөтөнчө күчөп, Т. о. 1283-жылга чейин Висла м-н Неман д-ларынын аралыгындагы аймакты, Чыгыш Поморьени (Гданьскини кошо, 1309), Жемайтияны (1382—98), Эстляндияны (1346), Готланд а-н (1398), Жаңы марканы (1402) басып алган соң ири феод. мамлекет түзүп, Польша, Литва, Россия мамлекеттеринин Балтика деңизине чыкчу жолдорун буугган. *Грюнвальд салгылашында (1410)* поляк, литва ж-а орус бириккен аскерлеринен жеңилген. Торун тынчтыгы (1466) б-ча Т. о. Польшага көчкөр болуп, анын Балтика деңизине чыгышына көнгөн (1525). Орден 1809-ж. жабылган. 1834-ж. Австрияда калыбына келтирилип, формалдуу түрдө азыр да бар.

ТЕГЕНЕК КЕНИ — Ош обл-ның Жаңы-Жол р-нундагы таш көмүр чыккан жер. Ат-Ойнок кырка тоосунун этегинде, Таш-Көмүр ш-нан 45 *км* түн. тарапта. Жерг. элге эзелтен белгилүү. Алгач геол. маалымат 1886-ж. П. Д. Романовский м-н И. В. Мушкетовдун эмгектеринде берилген. Геол. чалгындоону 1927—30-ж. «Средазуглегеология» тресті, кийин Кыргыз ССР геол. башкармасы жүргүзүп, запасын эсептеген. Кен юра мезгилинде пайда болгон чопо, кумдук, гравелит, алевролит кабаттарынын арасында жайгашкан. Ар кандай калыңдыктагы (0,3—3,90 *м*) ж-а татаал түзүлүштөгү 15 көмүр кабаты бар. Көмүр аз күкурттүү, аз күлдүү, күйүүдөгү жылуулук энергиясы 7160—7715 *ккал/кг*. Эсептелген запасы 55,5 млн *т*. Кенди казып алуу ыңгайсыз болгондуктан өн. ж-лык мааниси чакан; изилдениш бүтө элек.

Ад.: Гаврилин А. А., Месторождение Тегенек, в кн.: Геология месторождений угля и горючих сланцев СССР, т. 6, М., 1968.

ТЕГЕРАН — Иран Ислам Респ-касынын борбору, шаар. Өлкөнүн башкы экон., соода ж-а маданий жайы. Эльбурс тоосунун түш. этегинде, деңиз деңг. 1100—1300 *м* бийикте жайгашкан. Аянты 250 *км*². Калкы 4,5 млн (1976). Автомобиль ж-а т. ж. тоому, эл аралык маанидеги аэропорту бар.

Т. өлкөнүн бардык өн. ж. продукциясынын наркынын 35%ин берет. Машина куруу ж-а металл иштетүү (12 автомобиль ж-а самолёт жыйноочу з-д, ремонт з-ддору, радио, телекөрсөткүч, кир жуугуч машина, муздаткыч ж. б.), химия, нефть ажыратуу, металлургия, курулуш материалдар, фарфор-фаянс, текстиль, тамак-аш, булгаары-бут кийим ж. б. өнөр жайлары бар. Кол өнөрчүлүк сакталган.

Т. 12-к-да Ирандын байыркы борбору Рей ш-на жакын негизделген. 18-к-дын аягынан Ирандын борбору; ага чейин мааниси анчалык болгон эмес. Т-да 1943-ж. СССР, АКШ, Улуу Британиянын өкмөт башчыларынын конф-ясы өткөн [к. *Тегеран конференциясы (1943)*]. Ал 1870—72-ж. реконструкцияланган эски шаардан ж-а 20-к-дын 30-жылдарынан курула баштаган жаңы шаардын турат. Шаарда скверлүү, фонтандуу түз көчөлөр, азыркы батыш арх-расынын үлгүсүндө салынган көп кабат отелдер, банктар, админ. имараттар, менчик коттеждер, 10—12 кабаттуу турак үйлөр бар. Азыр Т-дын түн., түп.-батыш, түн.-чыгышына жаңы райондор кошулуп (Арьямехр, Тегеране-Ноу, Тегеран-Парс ж. б.). Арх-ра эстеликтери: Гүлстан сарайы (18-к-дын аягы—19-к.), Селахсалар ж-а Шах мечиттери (19—20-к.). Азыркы Иран арх-расынын мүнөздүү үлгүлөрүнө «Азия» кинотеатры, парламент кирет. Шаарда 3 ун-т, политех. ж-а пед. институттар, китепкана, музейлер иштейт.

ТЕГЕРАН КОНФЕРЕНЦИЯСЫ (1943) — экинчи дүйн. согушта союздаш үч державанын (СССР, АКШ, Улуу Британия) өкмөт башчыларынын конф-ясы. 1943-ж. 28-ноябрдан 1-декабрга чейин Тегеранда өткөн. Аның ишине СССР ЭКСтин пред-ли И. В. Сталин, АКШнын президенти Ф. Д. Рузвельт, Улуу Британиянын премьер-министри У. Черчилль катышкан. Конф-яда негизинен экинчи дүйн. согуштагы абал, экинчи фронтту ачуу жагы башкы маселе катары каралган. Конф-яда Сов. Куралдуу Күчтөр Батыш Европаны союздаштардын жардамысыз эле бошоторуна көзү жеткен АКШ м-н Улуу Британиянын өкмөт башчылары мурун созуп келген экинчи фронтту 1944-ж. май айынан кечиктирбей ачууга макул болушкан. СССР АКШ м-н Улуу Британия өкмөттөрүнүн каалоолоруна кошулуп, 1941-ж. түзүлгөн бейтараптык ж-догу макулдашууну этибарга албай, Японияның сов. чек араны бир нече жолу бузгандыгын көңүлгө тутуп, герм. армия толук талкаланган соң Японияга согуш ачарын билдирген. Конф-яда Германияга каршы биргелешип аракеттенүү, үч державанын согуштан кийинки кызматташтыгы ж-дө Декларация кабыл алынган. Т. к. согуш мезгилиндеги антигитлердик коалицияны бекемдөөдө маанилүү роль ойногон.

Ад.: Внешняя политика Советского Союза в период Отечественной войны, т. 1, М., 1944, с. 368—71.

ТЕГЕРАН УНИВЕРСИТЕТИ — Ирандын алгачкы ири жог. окуу жайы ж-а ил. из. борбору. 1934-ж. ачылган. 1974-ж. ад-т ж-а коомдук илимдер, а. ч., укук, мед., табигый илимдер, технол., токой чарбасы, саламаттык сактоо, пед., экон., башкаруу ж. б. ф-теттери, 35 бирикме ин-ту (геофизика, геогр., экон., психол. ж. б. ил. из. ин-ттары) болгон. 1974—75-окуу жылында 20 миңдей студент окуп, 1,5 миңдей окутуучу иштеген.

ТЕГЕРЕК КИНОПАНОРАМА, тегерек рама — кино көрүүнүн кинофильм тегерек экранда (көрүү бурчу 360°) көрсөтүлүүчү түрү. Т. к-ны алгач 1955-ж. амер. режиссёр У. Дисней түзгөн; ал цирк рамасы деп аталган. Кинофильм 16 *мм* түстүү плёнкага тартылып, туюк цилиндр формасындагы экранга кино көрсөткүч 11 аппараттан проекцияланып көрсөтүлгөн. Сов. Т. к. 1959-ж. Москвадагы



Тегерек кинопанораманын театрдагы экранынын жайгашуусу: *1* — төмөнкү негизи 4,9 *м*, жогоркусу 4,2 *м*, бийикт. 3,5 *м* болгон трапеция формасындагы конус сымал экран секциясы (конустун төмөнкү негизинен айланасынын диаметри 17,26 *м*, үстүнкү диаметри — 15 *м*); *2* — негизи цилиндрлүү экран секциясы (бийикт. 3,5 *м*, негизи 4,9 *м*).

СССР эл чарбасынын жетишкендиктеринин көргөзмөсүндө ишке ашырылган. Москвадагы Т. к-луу кинотеатрынын диаметри 25 *м*, бийикт. 15 *м* келген цилиндр формасындагы көрүү залына 500гө жакын адам сыят. Цилиндр формалуу көрүү залында көөрмандар туруп турган, 360°ка (каалаган жакка) бурулуу м-н кинофильмди көрө алат. Тегерете жайгашкан экран туюк цилиндр алкак түрүндөгү төмөнкү ж-а ага туташ болгон кесилген түрүндөгү жог. ярустан турат. Фильмдин сүрөттөрү синфазалык иштөөчү кино көрсөткүч 11 аппараттан (ар бир яруста 11ден) берилет. Кинофильмдин үнү тогуз каналдуу стереофондук системада жазылып угузулат.

«ТЕГЕРЕК СТОЛ» КОНФЕРЕНЦИЯЛАРЫ Индия маселелери б-ча (1-си 1930—31, 2-си 1931, 3-сү 1932-ж.) Индия ж-дө Саймон комиссиясы даярдаган жаңы конституциялык реформалардын долбоорундагы сунуштарды талкуулоо үчүн англ. өкмөт тарабынан Лондондо чакырылган. «Т. с.» к-на англ. парламенттин, колон. администрациянын мүчөлөрү, индиялык князьдар, Индиядагы ар кандай саясий партиялардан ж-а уюмдардан («Хинду махасабха», Мусулман лигасы, Либералдар федерациясы, «Кол тийбес» касталар федерациясы ж. б.) өкүлдөр катышкан. Индия улуттук конгресси (ИУК) 1-«Т. с.» к-на катышуудан баш тартып, гражд. баш ийбөө кампаниясын жарыялаган. 2-«Т. с.» к-на ИУКтан М. К. *Ганди* катышып, Улуу Британия өкмөтүнүн Индиядагы колон. саясатын, өзгөчө динчил коомдорду, касталарды ж. б. бири бирине тукуруугa, ошону м-н Индия элинин көз карандысыздык үчүн күрөшүн алсыратууга умтулуусун ашкерелеген. Ганди өлкөнүн эркиндиги үчүн күрөштө бардык диний коомдордун ж-а касталардын бириндигин түзүүгө чакырган. 3-«Т. с.» к-на ИУК катышкан эмес. Ошентип, «Т. с.» к. Индия үчүн макулдашылган жаңы конституциянын долбоорун иштеп чыга алган эмес.

«ТЕГЕРЕК СТОЛ» КОНФЕРЕНЦИЯСЫ (1949) 23-августтан 2-ноябрга чейин Гаага ш-нда өткөн. Аның ишине Нидерланд мамлекетинен, Индонезия Респ-касынан ж-а Индонезия аймагында голл. империалисттер түзгөн марионеттик мамлекеттердин федерациясынан өкүлдөр катышкан. «Т. с.» к-нда Нидерланд мамлекети мурдагы колониясы Нидерланд Индиясынын (Индонезия) өз алдынчалыгын закондуу деп тааныган. Конф-янын чечими б-ча Индонезия аймагында колониячылар ж-а компрадор буржуазиясы түзгөн 15 мамл. бирикседен «Индонезия Коншо Штаттарынын Республикасы» түзүлгөн. «Т. с.» к-нда Нидерланд — Индонезия союзу түзүлүп, Индонезия тышкы саясат, коргонуу, мад-т ж. б. б-ча бир катар талоончул шартка макул болгон. «Т. с.» к-ндагы макулдашуу б-ча Индонезияга мурдагы колон. өкмөттүн карыздарын төлөө, өз жеринде Нидерланд армиясын кармоо өңдүү Индонезиянын өз алдынчалык укугуна сокку урган таланттар таануланган. Индонезия элинин «Т. с.» к-нын чечимдерине каршы улуттук-бошт. күрөшүнүн натыйжасында 1954-ж. 10-августта Нидерланд — Индонезия союзу бузулуп, 1956-ж. 21-апрелде 1949-жылдагы бардык талоончул келишимдер жокко чыгарылган.

ТЕГЕРЕКТИН КВАДРАТУРАСЫ — берилген тегерек м-н тең чоңдуктагы квадратты түзүү маселеси. Байыркы замандын математиктери циркуль ж-а сызгыч м-н кээ бир ийри сызыктуу фигураны сызык сызыктуу фигурага өзгөртүп түзө алышкан. Ушуга байланыштуу Т. к-н графикалык жол м-н так чечүүгө аракеттенишип,

бирок бул аракеттер натыйжасыз болгон. Анын себептери төмөнкүчө: эгерде тегеректин радиусу r болсо, анда бул тегерек м-н тең чоңдуктагы квадраттын жагы $x = r\cdot\sqrt{\pi}$ болот. Демек маселе төмөнкүдөй коюлат: берилген кесинди (r) берилген $\sqrt{\pi}$ санга пропорциялаш түзүүлөрдү жүргүзүү керек. Бирок кесиндини рационалдык санга график методу м-н көбөйтүү маселеси циркуль ж-а сызгыч м-н аткарылыш үчүн көбөйтүүчү $\sqrt{\pi}$ сан квадрат радикалдан так чыгарылчу бүтүн коэффициенттери бар алгебр. теңдеменин тамыры болушу керек. Ал эми $\pi(\sqrt{\pi})$ трансценденттик сан экендигин, б. а. коэффициенттери бүтүн сан болгон алгебр. эч бир теңдемени канааттандырбай тургандыгын 1882-ж. немец математиги Ф. Линдеман далилдеген. Линдемандын бул тыянагынан кийин гана r кесиндинин π санына график методу м-н көбөйтүү маселесинин, б. а. Т. к. жалаң гана циркуль ж-а сызгыч м-н чыгарылбастыгы айкын болду. Эгер түзүү каражатын кеңейтсек (башка метод колдонсок), анда Т. к. чечилет. Грек геометрлери Т. к-н трансценденттик ийри сызыктарды колдонуп түзүшкөн. Т. к-н алгачкылардан болуп Динострат (б. з. ч. 4-к.) атайын ийри сызык — квадратрисанын жардамы м-н түзгөн.

Ад.: Маркушевич А. И., Замечательные кривые, М.—Л., 1952.

ТЕГЕРЕКТИ ӨЛЧӨГҮЧ — тегерек эместикти, б. а. цилиндрлик беттин туура кесилиши б-ча түсполүнүн чекиттеринен аның сыртынан сызылган айланага чейинки эң чоң аралыкты аныктоочу аспап. Т. ө-түн өлчөө принциби өлчөгүч учтун (наконечниктин) текшерилүүчү тетикке карата айланышына негизделген. Т. ө-түн негизги түйүнү — өтө так жасалган шпиндель багыттоочу стол. Т. ө. диаметри 3—1000 *мм*, уз. 100—1600 *мм* келген цилиндрдин тышкы ж-а ички беттерин текшерүү үчүн колдонулат.

ТЕГЕРЕКТӨӨ (сандарды) — кандайдыр бир эсептөө системасында чектүү сандагы цифралардын жардамы м-н сандарды жакындатып эсептөө. Берилген маселени чыгарууда натыйжа сан ар кандай орундуу, кээде көп орундуу болушу мүмкүн. Санды, аның жакындатылган маанисин берүүчү башка орундуу (разряд) сан м-н алмаштыруу санды Т. деп аталат. Т-нүн зарылдыгы акыркы натыйжа так аныкталбагандыктан, о. эле көп орундуу цифраларды жаза бербестен, керектүү орундагы сандар м-н чектелүүдөн келип чыгат. Т-дө кетирилген ката Т. катасы деп аталат. Т-нүн ар кандай ыкмалары бар. Аның бири t разряддан (t цифрадан) тышкары майда разряддын саның жазбай калтыруу. Мында Т-нүн абс. каталыгы t разряддагы сандын бирдигинен чоң болбойт. Кол м-н эсептөөдө Т. t разряддагы санга чейин гана жүргүзүлөт. Т-нүн абс. каталыгы тегеректелүүчү тургандагы t разряддагы сандын жарымынан да ашпайт. ЭЭМде арифм. эсептөөнүн эки режими колдонулат. Мында Т. жылма үтүр же жылбас үтүр режимдеринин биринде аткарылат. Биринчи режимде сан t разрядга чейин, экинчи режимде үтүрдөн кийин t разрядга чейин тегеректелет.

ТЕГИЗДИК — геометриянын негизги түшүнүктөрүнүн бири. Ал геометриянын аксиомалары аркылуу кыйыр түрдө гана аныкталат. Т-тин касиеттери: 1) Т.— тегиздиктин каалагандай эки чекитин туташтырган ар кандай түз сызыкты толугу м-н өз ичине камтыган бет; 2) Т.— берилген эки чекиттен бирдей аралыкта жаткан чекиттердин геом. орду.

ТЕГИЗ-ЖАРЫШ КЫЙМЫЛ (катуу нерсеники) — катуу нерсенин бардык чекиттери кандайдыр бир кыймылсыз тегиздикке жарыш которулуу кыймылы. Т.-ж. к-ды изилдөө өзгөрбөс тегиз фигуранын өз тегиздигиндеги кыймылын талдоого келтирилет. Т.-ж. к-ды абалын үзгүлтүксүз өзгөртүп турган заматтык айлануу борборлорунун айланасындагы элементардык бурулуулардын удаалаштыгы катары кароого болот.

ТЕГИЗ КАНАТТУУЛАР (Homoptera) — канталааларга жакын соргуч курт-кумурска түркүмү. Т. к. *чырылдактар, жалбырак бүргөчөлөрү, осумдук бити, алейродиддер* ж-а *кокциддер* түркүмчөлөрүн биригтирет.

ТЕГИЗЧИЛ — Ысык-Көл обл-ныи Ак-Суу р-нундагы Кара-Жал айыл советине караштуу кыштак. Ак-Суу мамл.-колхоздук «Живпром» бирикмесинин борбору. Райондун борбору Теплоключенкадан (Ак-Суу) 18 *км* түн.-батыш тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 201 *км*. Калкы 807 (1979). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар. 1910-ж. орношкон.

ТЕГИРИЧ — боз үйдүн эки 15—18 *см*дей терме таардан даярдалган кооздук жасалгасы. Ал ууктардын матоосунан жогорураак сыртынан, үзүктүн ичинен тегерете айландырылып тартылат да, түймолүү чачылары керегенин башына тиер-тийбес болуп салаңдап турат.

ТЕГИРМЕН — эгинден *ун* тартуучу ишкана. Ун тартууда 30га жакын түрдүү машина иштейт. Эгин тартыларда сепаратор, триер ж-а магнит аппараты аркылуу өткөрүлүп, кошундулардан тазаланат; дан кабыгынан кургак б-ча же дан жуучу машинада тазаланат; эгин айрым партия б-ча кондицияга жеткирилип, ун тартуу алдында аралаштырылат. Эгинди сортко бөлүп тартуунун жараша үч операциядан өтөт: алгачкы майдалоо; пакта акшагын калтыруу; пакта акшактан ун тартуу. Эгин валдуу станокто майдаланат, эленет, ундун ирилигине, сапатына жараша сортко бөлүнөт. Алынган ун машинанын жардамы м-н идишке салынып, автоматтык түрдө таразага тартылат. Азыркы Т. эгинди, унду ж-а башка продукталарды которуштуруу үчүн пневматикалык транспорт, кубаттуу энергия м-н жабдылгандыктан үзгүлтүксүз иштейт.

Ад.: Технология мукомольного производства, под ред. Я. Н. Куприца, М., 1951.

ТЕГИРМЕН-САЙ, Үч-Коргон — Ош обл-ныи Ала-Бука р-нундагы Чаткал айыл советине караштуу кыштак. «Ак-Таш» с-зунун аймагында. Райондун борбору Ала-Букадан 112 *км* түн. тарапта. Наманган т. ж. станциясынан (Өзбек ССРи) 177 *км*. Калкы 638 (1979). Сегиз жылдык мектеп, китепкана, медпункт бар. 1835-ж. орношкон.

ТЕГИРМЕНТИ — Кемин р-нундагы Чоң-Кемин айыл советине караштуу кыштак. «Чоң-Кемин» с-зунун аймагында. Райондун борбору ж-а т. ж. станциясы Быстровкадан 52 *км* түш.-чыгыш тарапта. Калкы 1109 (1979). Орто мектеп, китепкана, клуб, медпункт бар. 1900-ж. орношкон.

ТЕГИРМЕЧ (Жашыл-Көл) — Тегирмеч суусунун өрөөнүндөгү көл. Кичи-Алай кырка тоосунун түн.-батыш капталында. Аянты 0,6 *км*^{2}, терең. 130 *м*ге жакын болгон. Көлдүн байламтасы жырылып, көл суусу толугу м-н агып кеткен (1966, 21-июнь).

ТЕГУСИГАЛЬПА — Гондурас Республикасынын борбору. Өлкөнүн башкы саясий, экон., маданий очогу. Калкы 317 миң (1977). Автомобиль жол тоому. Эл аралык маанидеги аэропорту бар. Тамак-аш, текстиль, тигүү, булгаары бут кийим, тактай тилүү ж. б. өнөр жайлары бар. Курулуш материалдарын ж-а ширецке чыгарат. Т-да Улут автономия ун-ти, Гондурас академиясы, улуттук китепкана, музей ж. б. бар. Т-ны 16-к-да испандар негиздеген. 1880-жылдан борбор.

ТЕДИОН, тетрадихлон — 2-, 4-, 5-, 4-тетрахлордифенилсульфон, акарициддер тобундагы хим. зат. Ал өрмөкчү, долоночу, цитрус кенелерине каршы колдонулат.

ТЕЖЕН (СССРдин чегинен тышкары — Герируд) — Афг-н, Иран ж-а СССРдеги дарыя. Уз. 1150 *км*, алабынын аянты 70 600 *км*^{2}. Афг-ндан башталып, Герат оазисине чейин кууш, оазисте кеңири өрөөн м-н агат. Төмөнкү агымында (Түркм-ида) суусу толугу м-н Тежен оазисин сугарууга пайдаланылат. Негизинен кар сууларынан куралат. Орт. чыгымы Полехатумада (чатынан 325 *км*) 30 *м*^{3}/*сек*, эң чоң чыгымы 990 *м*^{3}/*сек*га жакын Ылайлуулугу эң жогору (100 000 *г*/*м*^{3}). СССРде Т. д-на Тежен ж-а Экинчи Тежен суу сактагычтары курулган. Жээгинде Тежен ш. жайгашкан.

ТЕЗ — жыгач устанын куралы; боз үйдүн кереге, уугу жасалуучу таякчаларын не же түзөй турган станок. Т. жасаш үчүн бийик. 80—100 *см*дей ача жыгачтын ача жагы жогору каратылып, жерге орнотулат да, уз. 2 *м*дей ийилбес жоон жыгачтын бир жагы орнотулган ача жыгачка бекитилип, аның 20 *см*дей ылдыйраак жеринен талкчаларды коюп, матай тургандай уук, кереге болчу таякчаны камтый карман, тездин оюкчасына (шыкоорго) матап, керегине жараша ийри болсо түзөлөт, түз болсо ийилет. Таштан жасалган Т. да болот.

ТЕЗАУРУС (гр. thesaurós — кенч, казына дегенден) — бир тилдин семантикалык катыштарынын системасы берилген маани туюнтуучу бирдиктер тобу. Иш жүзүндө Т. тилдин (улуттук тилдин, конкреттүү илим тилинин же башкаруунун автоматтык системасы үчүн алынган формалдуу тилдин) семантикасын билдирет. Т. адегенде бир тилдик сөздүк катары түзүлүп, андагы семантикалык карым-катыш сөздөрдүн тематикалык рубрикалар б-ча топтолуштурулушу м-н аныкталган. Мис., 1962-ж. чыккан англисче Т. 240 миң сөздү болуштурген 1040 рубрикадан турат. 20-кылдын 70-жылдары информация издегич Т. тарады. Мындай Т-тарда атайын лексикалык бирдиктер — дескрипторлор болүнгөн. Алар б-ча документтик информацияны автоматтык жол м-н издесе болот. Мында Т-тун ар бир сөзү синонимдик дескриптор м-н салыштырылып, алар үчүн ачык түрдө семантикалык карым-катыштар көрсөтүлөт. Т-тагы лексикалык бирдиктин (сөздүн, сөз тизмегинин) абалы аның тилдеги маанисин мүнөздөйт. Кең мааниде Т. болмуш ж-де түшүнүк берип, маанисин ачат. Т. иш жүзүндө болмуш ж-дөгү информацияны гана камтыбастан, метаинформацияны (информация ж-дөгү маалыматты) да өз кучагына алат.

Ад.: Черный А. И., Общая методика построения тезаурусов, «Научно-техническая информация». Сер. 2, 1968, № 5; Варга Д., Методика подготовки информационных тезаурусов, пер. [с венг.], М., 1970; Шрейдер Ю. А., Тезаурусы в информатике и теоретической семантике, «Научно-техническая информация». Сер. 2, 1971, № 3.

ТЕЗИС (гр. thésis — жобо, ой) — 1) чындык экени далилдөөнү талап кылчу логика жобосу. 2) Г. *Гегелдин* философиясындагы триаданын биринчи баскычы. 3) Ил. эмгек, макала, доклад ж. б-дагы негизги жоболордун бири.

ТЕЗ КЕСҮҮЧҮ БОЛОТ, к. *Аспаптык болот.*

ТЕЗ ТОҢДУРУУЧУ АППАРАТТАР — азык-түлүктү (эт, балык, жашылча ж. б.) көпкө чейин сактоо ж-а тоңдурулган түрүндө ташуу максатында —40°Сге жакын темп-рада тез муздатуучу түзүлүш. Т. т. а. камералуу, түтүктүү, плиталуу болуп айырмаланып, балык, жемиш, пельмен ж. б-ларды тоңдурууда колдонулат. Т. т. а-да тоңуу процесси 3—4 эсе ылдамдап, азык-түлүктүн аш болумдуулугу, татымы толук сакталат.

ТЕИЗМ (гр. theós — кудай) — дүйнөнү жаратып, башкарып турган кудай деген түшүнүккө негизделген диний көз караш. Т. б-ча дүйнөдөгү ар кандай кубулуш, окуя кудайдын амири м-н болот. Т-ге христиан, иудаизм, ислам дини кирет.

ТЕЙКЕ — Ош обл-ныи Кара-Суу р-нундагы Төлойкөн айыл советине караштуу кыштак. «Кеңеш» с-зунун аймагында. Райондун борбору Кара-Суу ш-нан 50 *км* батыш тарапта, Ош т. ж. станциясынан 15 *км*. Калкы 830 (1979). Орто мектеп, төрөт үйү, медпункт бар.

ТЕЙЛЕРИОЗ — тейлерия уруусундагы пигментсиз жөнөкөйлөр пайда кылуучу малдын жугуштуу оорусу. Т-го уй, буйвол, жебу, бизон, тоноз, кой, эчки чалдыгат. Ылаң Батыш Европа, Азия ж-а Африканын көп өлкөлөрүндө тараган. СССРде О. Азия, Каз-н, Закавказьеде, Астрахань обл-нда, Кырг-нда көбүнчө Ош обл-ныи чарбаларында жолугат. Ылаңдаткыч малдын гиаломма кенеси аркылуу тарап, айрыкча июнь — июлда көп байкалат. Инкубация мезгили 9—12 күн. Дартуу малдын лимфа бези чоюлоп, денесинин темп-расы көтөрүлөт, анемия байкалып, жүрөктүн, ичеги-карындын иштеши бузулат. Дарт 4—16 күнгө созулат да, малдын 60—80% өлүмгө учурайт. Дарылоодо безгекке каршы препараттар — хиноцид, бигумаль, плазмоцид колдонулуп, ылаңдын белгисине жараша дарылар берилет.

Ад.: Колабский Н. А., Тейлериозы животных, Л., 1968.

ТЕЙЛОРИЗМ — 19—20-к-дын чегинде АКШда пайда болгон эмгекти уюштируу ж-а өндүрүштү башкаруу системасы. Илим м-н техниканын жетишкендиктерин пайдаланып, жумушчуларды эффективдүү иштөө тартибин белгилөө, жумушчуларды тандоо ж-а атайын даярдоо маселелерин камтыйт. Тейлор каруулуу, шамдагай, чебер жумушчунун хронометраждан аныкталган иш нормасын бардык жумушчулар аткарууга милдеттүү деп, эмгек өндүрүмдүүлүгүн ж-а ургаалдуулугун жогорулатууну көздөгөн. Норма аткаргандарга тарифтеген жог. эмгек акы төлөнүп, аткарбагандарга штраф салынган. Эмгектин ургаалдыгын арттыруу үчүн жумуш күнүнө дем алуу мезгили киргизилген. 20-к-дын башында Т-дин натыйжасында амер. ишканаларда иштин ургаалдыгы кескин жогорулап, ага чыдабаган жумушчулар жумуштан бошотулган же башка ишке которулган. Т. капит. өлкөлөрдөгү эмгекти уюштыруунун азыркы системасынын негизин түзөт.

В. И. Ленин Тейлор системасынын карама-каршы экилтик мүнөзүн ачып, аның рационалдуу жагын кабыл алып, чыг-лык м-н пайдалануунуну сунуш кылган. В. И. Ленindин бул сунушу СССРде эмгекти ил. уюштыруунун негизин иштеп чыгууда чоң роль ойноду.

Ад.: Ленин В. И., Терди сыгып алуунун «илимий» системасы, Чыг., кырг. 1-бас., 18-т., 642—43-б.; Тейлор Ф. У., Научная организация труда, 2 изд., М., 1925; Мошенский М., Ленинский анализ тейлоризма и современность, «Социалистический труд», 1970, № 4.

ТЕЙЛОР КАТАРЫ,

$$f(a)+\frac{f'(a)}{1!}(x-a)+\frac{f''(a)}{2!}(x-a)^2+$$
$$+\frac{f'''(a)}{3!}(x-a)^3+\ldots+\frac{f^n(a)}{n!}(x-a)^n+\ldots$$

түрүндөгү даражалуу катар; мында $f(x)$ функция, $x=a$ болгондо аның бардык тартиптеги туундулары бар. Көпчүлүк учурда бул катар борбору a чекити болгон кандайдыр бир интервалда $f(x)$ функциясына жыйналат:

$$f(x)=\sum_{k=0}^{\infty}\frac{f^k(a)}{k!}(x-a)^k.$$

Бул формуланы англис математиги Б. Тейлор 1715-ж. иштеп чыккан. Т. к.— функцияны изилдөө ж-а жакындатып эсептөөнүн негизги аппараты.

ТЕЙЛОР ФОРМУЛАСЫ, a чекитинде ж-а аның кайсы бир аймагында аныкталган $f(x)$ функциясы $(n+1)$ тартипке чейинки үзгүлтүксүз туундуга ээ болсо, анда аны бир маанилүү түрдө төмөндөгүдөй жазууга болот:

$$f(x)=f(a)+\frac{f'(a)}{1!}(x-a)+\ldots+$$
$$+\frac{f^n(a)}{n!}(x-a)^n+r_n(x).$$

Мында $r_n(x)$ Т. ф-нын калдыгы деп аталат да, аның бир түрү

$$r_n(x)=\frac{f^{n+1}(\xi)}{(n+1)!}(x-a)^{n+1}$$

болот. Эгерде $a=0$ болсо, анда Т. ф-нан Маклорен формуласы келип чыгат.

ТЕЙЛӨӨ ЧӨЙРӨСҮ — белгилүү иш аткаруучу эл чарба тармактарынын жыйындысы. Т. ч-нө соода, коомдук тамактануу ж-а өндүрүшкө тиешесиз чөйрө (илимден башкасы) кирет. СССРде жалпы улуттук материалдык байлык өндүрүүнүн ж-а тейлөөнүн $^1/_{10}$ бөлүгүн Т. ч. түзөт. Калктын жалпы керектөө фондусунун ичинен Т. ч-нүн үлүшү 29,6%тен (1960) 33,7%ке өстү (1974). Бул коомдун керектешинин өзгөрүшү м-н түшүндүрүлөт. Эл турмушунун материалдык ж-а маданий деңгээли өскөн сайын керектөөнүн улам өсүү законунун таасиринен калктын билим алуу, саламаттык сактоо зарылдыгы башка муктаждыкка караганда тезирээк өсөт. Т. ч. бардык соц. мамлекеттерде өсүүдө. Мындай багыт өнүккөн капит. өлкөлөрдө да мүнөздүү. Мис., АКШда улуттук дүң продукциянын 30,4% (1950), 1960-ж. 37,2%, 1973-ж. 41,9% Т. ч-нө туура келген.

Ад.: Рутгайзер В. М., Сфера обслуживания — какой ей быть?, М., 1971; Правдин Д. И., Непроизводственная сфера: эффективность и стимулирование, М., 1973.

ТЕЙМУР Махмуд (16. 6. 1894, Каир—25. 8. 1973, Швейцария) — араб жазуучусу. Каирдеги араб тили академиясынын акад. Египет реалисттик повелласын негиздегендерден. Жогорку а. ч. мектебинен окуган. Чыг-лары 1920-жылдан жарыялана баштаган. Алгачкы чыг-ларын А. П. Чехов, Г. де Мопассандардын таасири м-н жазган. 20—30-жылдары гуманисттик багыттагы прозалык чыг-лар жазып, аларда Египетте жашаган элдин коомдук турмушун сүрөттөгөн. 30—40-жылдардагы чыг-ларында символизм, 1952-жылкы рев-ядан кийинкилеринде реализм идеялары берилет. Т.— «Шамрух» (1958), «Көк фонарлар» (1960) өңдүү социалдык романдардын, бир топ аңгеме, повесть ж-а драмалык чыг-лардын автору. Араб тил академиясынын 1-дараж. сыйлыгын алган (1947).

Чыг.: в рус. пер.— Шейх Джума, М., 1957; Египетская новелла, М., 1956.

Ад.: Крачковский И. Ю., Избр. соч., т. 1—3, М.—Л., 1956; Борисов В. М., Современная египетская проза, М., 1961.

ТЕКЕ — эркек эчки. Тубар эчкиге караганда ири келип, тирүү салм. 60—65 *кг*, айрымы 105 *кг*; 2—3,5 *кг* чамалуу тыбыт таралат. Асыл тукумсуз текечер биттелип, серке кезинде этке төгүлөт.

ТЕКЕЙ (Tragopogon) — өсүмдүктөрдүн татаал гүлдүүлөр тукумундагы уруусу. Сүттөй ширелүү, эки же көп жылдык чөп. Жалбыректары сызгычтай же ланцеттей. Тил сымал, гүлдөрү сары, кээде күлгүн же ачык кызыл. Топ гүлү — себетче. Мөмөсү — көкүлдүү урукча. Т-дин 150дөн ашуун түрү белгүлүү алкакта таралган. СССРде 80 түрү (Кавказ ж-а О. Азияда) өсөт, Кырг-нда 13 түрү шалбаа, токой, бадалдын арасында кездешет. Жаш тамыр, сабак ж-а жалбыректары тамак катары колдонулгандыктан айрым түрү атайы өстүрүлөт. Т-дин көпчүлүгү — сапаттуу тоют ж-а балдуу өсүмдүк.

ТЕКЕ-СЕКИРИК — таш доорунун арх-ялык үңкүр-эстелиги. Нарын ш-на жакын жерде, деңиз деңг. 2300 *м* бийикте. 1933-ж. А. П. Окладников башкарган арх-ялык отряд ташкан. Үңкүрдү изилдөөдө неолитке таандык диска түрүндөгү нуклеус табылган. Т.-С-тен анчалык алыс эмес жердеги тектирчеден микролит сыныктары табылган. Т.-С. табылгалары — неолит (б. з. ч. 6-миң жылдык) мезгилине таандык эстеликтерден.

ТЕКЕЧЕР — үч жашка чейинки эркек эчки.

ТЕКИРЕҢ — жылкы жүрүшүнүн бир түрү; жылкынын секирип чуркашы, к. *Аллюр*.

ТЕККЕРЕЙ Уильям Мейкпис (18. 7. 1811, Калькутта — 24. 12. 1864, Лондон) — англис жазуучусу. 19-к-дагы англис романчыларынын беделдүү өкүлдөрүнөн. Бай колониячынын үйбүлөсүнөн. 1829—30-ж. Кембриж университетинен окуган. Т. таланттуу карикатурист болгон. Чыг-лары ар кайсы жанрда (роман, повесть, юмордук аңгеме, пародия, очерк, баллада ж. б.) жазылса да, бир идеялык багытта. Мыкты чыг-лары: «Сары чийкилдин жазмалары» (1840), «Катрин» (1840) повести; «Атактууларды романы» (1847) деген пародиялар цикли, «Эзрчимелер китеби» (1847), «Кейрөндөр жармаңкеси» (1848), «Пенденнис» (1850), «Генри Эсмонддун таржымалы» (1852) аттуу романдар. Филос. көз карашы жагынан М. Монтень м-н Д. Юмга жакын турган. Т. чыг-ларында сатиралык-юмордук романдардын жаңы типин түзүп, социалдык сатиранын мүмкүнчүлүгүн кеңейткен, реализмди терецдеткен. Чыг-ларын орустун рев-ячыл демократ сынчылары кубаттаган.



У. Теккерей.

Чыг.: Собр. соч., т. 1—12, СПБ, 1894—95; Собр. соч., в 12 тт., т. 1—8, М., 1974—78.

Ад.: История английской литературы, т. 2, в. 2, М., 1955; Алексеев М. П., Из истории английской литературы, М., 1960; Ивашева В. В., Теккерей — сатирик, М., 1958.

ТЕКОДОНТТОР (Thecodontia) — сойлоочулардын архозаврлар классчасындагы тукум курут болгон түркүмү. Алар триас мезгилинде жашаган. Жырткыч Т-дон архозаврлардын башка топтору (крокодилдер, динозаврлар, куштар ж. б.) пайда болгондуктан эволюциялык мааниси чоң.

ТЕКСТ (лат. textus — ткань, бирикме) — 1) басылган, жазылган же оозеки формадагы сөз (чыгарма); ад-т, фольклор ж-а жазуунун бардык чыгармасы (к. *Текстология*). 2) Тил илиминде — тил эрежесине ылайык курулган сүйлөмдөрдүн ыраатуу катары. Т-теги сүйлөмдөрдүн байланышы граммат. каражаттар (аралаш сүйлөмдөрдө этиштин чактары же ыңгайлары ээрчишип келет ж. б.), маанилик катыш (ар бир сүйлөм өзүнөн мурунку сүйлөмдөгү маанилик кабарды колдонот) аркылуу ишке ашат. Сүйлөмдө сөздөр м-н интонациялар бүт Т-теги ролуна жараша жайгашат. Т. курулуш тилдик нормаларын 20-к-дын 60—70-жылдарынан тартып өнүккөн тил илимининн «металингвистика», «транслингвистика», «Т. лингвистикасы» же «соз анализи» деген тармактары изилдейт. Кең мааниде Т.— тил илиминде ар бир тилдин өз өзгөчөлүгүнө ылайык курулган бардык эле сүйлөмүнүн иреттүү катары. 3) Түшүндүрмөсүз ж-а тиркемесиз жазылган автордук чыгарма. 4) Басма соз чыг-ларынын иллюстрациядан башка бөлүгү. 5) Кегли (олчому) 20 пунктка (7,52 *мм*) барабар басмаканалык арип.

Ад.: Пражский лингвистический кружок. Сб. ст., М., 1967; Севбо И. П., Структура связанного текста и автоматизация реферирования, М., 1969.

ТЕКСТИЛЬ БУЛАСЫ (накта була) — келеп жип ж-а текстиль буюмдарын даярдоого жарактуу өтө ичке, анчалык узун эмес ийилчээк ж-а бышык перее. Узата ажырап болубогон була элементардык (жеке), ал эми узата бир нече элементардык булалардан эшилип же чыйратылып бириктирилген була техникалык (комплекстүү) Т. б. деп аталат. Кыйла узундуктагы элементардык Т. б.— элементардык жип. Бардык Т. б. ири молекулалуу заттардан турат. Табигый ж-а өсүмдүктөрдөн, айбандардын терисинен алынуучу накта булалардан башка да хим. (жасалма ж-а синтет.) була кеңири колдонулат. Жасалма Т. б. жыгачтын же пахтанын калдыгын, өсүмдүктөрдөн ж-а айбандардан алынган белокторду (мис., зеинди, казеинди) иштетүүдөн, орг. табигый ири молекулалуу бирикмеден — целлюлозадан алынып, синтет. була синтет. полимерлерден даярдалат. Хим. Т. б. кыйла узундукта келеп, жип түрүндө, пахта же жүгө окшош кыска була түрүндө да алынат.

ТЕКСТИЛЬ ЖАНА ЖЕҢИЛ МАШИНА КУРУУ — жеңил ө. ж-ы, химиябула ө. ж-ын ж-а калкты тиричилик жактан тейлөө ишканаларын технол. жабдуу ж-а тетик м-н камсыз кылуучу машина куруу тармагы. Россияда текстиль машинасы 19-к-дын башында Петербургда жасалган. Жабдуунун көбү Британиядан алынып, Москвада ийрүүчү, боёочу жөнөкөй машина гана жасалган. СССРде 20-к-дын ортосунда өнүгө баштап, Москва, Ленинград, Киев, Тула, Ивановодогу бир катар заводдор текстиль машинасын чыгарып калган. Пенза, Ташкен, Орёл ш-ында ири текстиль машина куруу борборлору уюшулган. 1975-ж. бул тармакта 90 завод болуп, 150 миң адам иштеген. Өндүрүштүн 70% автоматташтырылып, механикалаштырылган (1975). 9-беш жылдыкта эмгек өндүрүмдүүлүгү 44%ке жогорулап, 1700 түрдүү продукция өндүрүлгөн. Соц. өлкөлөрдөн Болгария, Венгрия, ГДР, Польша, Румынияда өнүккөн. Өнүккөн капит. өлкөлөрдө бул тармактын даярдаган продукциясынын 90%тен ашыгы 7 өлкөгө — ГФР, АКШ, Япония, Улуу Британия, Швейцария, Франция, Италияга туура келет.

Ад.: Куренков Ю. В., Зубчанинов В. В., Итин М. И., Экономика текстильного машиностроения СССР, М., 1969.

ТЕКСТИЛЬ ЖИБИ — түздөн түз же кошумча иштетүүдөн кийин текстиль буюмдарын (кездеме, сокмо буюм, кездеме эмес материал ж. б.) даярдоо үчүн колдонууга ийкемдүү узун ичке ж-а бышык перее. Т. ж. алгачкы, алгачкы ж-а кийинки болуп айырмаланат. Алгачкы Т. ж-не узата багытта белүнбөөчү элементардык (хим., накта ж. б.), моножип (хим.), о. эле кагаздын ичке тилкелери, плёнка ж. б. кирет. Алгачкы Т. ж-не текстиль булаларынан чыйратылган келеп жип, комплекстүү жип ж. б., ал эми кийинки Т. ж-не алгачкы бир нече жиптен чыйратып алынган жиптер кирет. Келеп жиптен ж-а комплекстүү жиптерден чыйратып алынган Т. ж. айкалышкан (комбинацияланган) жип деп аталат. Т. ж. жасалма мехти, кээ бир түрү машина жибин, хим. о. ж. үчүн чыпка жасоодо, о. эле аркан эшүүдө ж. б-да колдонулат.

ТЕКСТИЛЬ ОНОР ЖАЙЫ — жеңил ө. ж-дын эски ж-а ири тармагынын бири. Т. ө. ж.— коомдук продукт чыгарып, калк керегин канааттандыруу б-ча эң зарыл тармак. Ага *кездеме*, текстиль сырьёсун алгач белендөө, жуу, жибек була, кездеме эмес материал, трикотаж ж. б. даярдоо кирет. Бул продуктулар кийим, бут кийим чыгаруу ж. б. ө. ж. тармагында (мис., мебель, машина курууда) керектелет.

Т. ө. ж. тармагы өзелтен белгилүү. Индия, Кытай, Египетте б. з. мурда эле пахта эстүрүлүп, кол м-н ийрип, кездеме токулган. Рев-яга чейин Россияда Т. ө. ж. чакан ж-а эски келип, эмгек өндүрүмдүүлүгү төмөн болгон. Окт. рев-ясынан кийин ири ишканалар курулуп, алдыңкы техника колдонулуп, эмгек өндүрүмдүүлүгү жогорулады. Кебезден кездеме чыгаруу ө. ж. Херсон, Барнаул, Дүйшөмбү, Омск, Краснодар, Алматыда, жүндөн токуу Минск, Брянск, Иваново, Тюмень, Черниговдо, жибек кездемелерин чыгаруу Ленинград, Красноярск, Житомирде жайгашкан.

Кырг-нда — Кыргыз камвол-нооту комбинаты, Ош жибек комбинаты, Фрунзе трикотаж өндүрүш бирикмеси Союзга белгилүү ишканалардан. Т. ө. ж-н (1975) 10 ил. ж-а 5 долбоорлоо ин-ту тейлейт. Т. ө. ж-на керектүү адистерди Москва, Ленинград, Иваново, Ташкен, Киевде текстиль ин-ттары даярдайт. Т. ө. ж. соц. өлкөлөрдө, капит. мамлекеттерден АКШ, Япония, Франция, Италияда өнүккөн.

Ад.: Корнеев А. М., Текстильная промышленность СССР и пути её развития, М., 1957; Сатаров К., Токсобаев А., Бардыгы элдин жыргалчылыгы үчүн, Фр., 1975; Мойдинов Ш., Алтын жип, Фр., 1975.

ТЕКСТОЛИТ (лат. textus — кездеме ж-а гр. lithos — таш) — ар кандай кездемеге синтет. чайыр сиңирилген катуу материал. Т-тин негизи үчүн айнек, асбест, синтет. була ж-а кебез кездеме алынат. Бириктиргич катары фенол-формальдегид, крезол ж-а ксиленол-альдегид ж. б. чайырлар пайдаланылат. Т. такта, баракча, стержень, түтүк ж-а плита түрүндө жасалып чыгарылат. Ал подшипниктин, шкивдин, втулканын жаздыкчаларын, тетиктердин арасында тошоочу материал (прокладка) ж. б. катары колдонулат. Электр-техникада андан болуштургуч щиттер, монтаждык панелдер ж. б. жасалат.

ТЕКСТОЛОГИЯ (*текст* ж-а *...логия* дегенден) — тарыхый-филол. жардамчы пл. тармак; башкы максаты — адабий даректер м-н тарыхый документтердин текстин аныктап, тактап, басмадан чыгарууга даярдоо. Т-лык изилдөөлөр байыркы замандарда эле башталган. Т-да адатта: 1) чыгарманын текшерүүдөн өткөн негизги тексти; 2) редакцияланып жаткан варианты; 3) кол жазма ж-а басма түрүндөгү варианты аныкталат. Сов. Т. өз тарыхында кыйла ийгиликтерге жетишти: маркстик классикалык чыг-лардын чыныгы (түп нускасындагы) тексти аныкталды; окумуштуулардын чыгларын цензуралык ж. б. бурмалоолордон тазаланды.

Ад.: Томашевский В. В., Писатель и книга. Очерк текстологии, 2 изд., М., 1959; Вопросы текстологии, в. 1—4, М., 1957—67; Лихачёв Д. С., Текстология. Краткий очерк, М.—Л., 1965; Рейсер С. А., Палеография и текстология нового времени, М., 1970; Принципы текстологического изучения фольклора, М.—Л., 1966; Сырдыбаев М., Тургунбаев С., Токтогулдун чыгармаларын текстологиялык изилдөө маселелери, Фр., 1975.

ТЕКТЕШ ТИЛДЕР — теги, таралуу процесси окшош тилдер, к. *Тилдердин генеалогиялык классификациясы, Салыштырма-тарыхый тил илими*.

ТЕКТИР — тоолордун, дарыя өрөөндөрүнүн, көл ж-а деңиз жээктеринин капталдарындагы эки жагынан тик беттер м-н чектелген, узатасынан кеткен тегиз же бир аз жантайыңкы аянтча; рельефтин формасы. Дарыя Т-и, көл Т-и, деңиз Т-и болуп болбонот. Дарыя Т-и дарыя өрөөнүнүн мурдагы таманынын калдыгы; ал дарыя ойгон терендикке ж-а аллювий калыңдыгына карата аккумуляциялык, цоколдук (аллювийден төмөн чулуу тоо тек жатат), эрозиялык (чулуу тектен турган) болуп ажыратылат; ири дарыялардагы Т-дин жазылыгы 10 км'ден ашык болот; көл Т-и — көлдүн деңгээли жогору кездеги толкун тегизделген кургактык тилкеси; деңиз Т-и — кургактыктын тектоникалык кыймылынан же деңиз деңгээлинин тартылышынан жуулган мурдагы жээк аянтынын калдыгы. Т. а. ч-га, жол салууга ж. б-да пайдаланылат.

ТЕКТИРДҮҮЛҮК — өсүмдүктөр жамаатташтыгынын же фитоценоздогу түрлөрдүн бийиктигине жараша бир нече катмарга айырмаланышы. Т.— *өсүмдүк жамаатташтыгынын* мүнөздүү белгилеринин бири. Ал айрыкча түрдүү өсүмдүктөн турган токойлор үчүн мүнөздүү. Токойдун бир же бир нече катмарын даректер, кийинкисин — бадалдар, андан төмөн өсүмдүктөр, эң төмөнкү катмарын мамык чөптөр ж-а эпилчектер түзөт. Шалбааларда, саздарда, башка айрым жамаатташтыкта Т. анча байкалбайт. Эгер фитоценоздо өсүмдүктөр бири бирине айырмаланса, анын эң жогор. катмары биринчи, андан кийинкилери экинчи, үчүнчү ж. б. болуп белүнөт. Т. өсүмдүк жамаатташтыгынын түзүлүшүн, турушун белгилейт. Эгер тектирлери көп болсо, татаал, аз болсо жөнөкөй фитоценоз деп аталат. Өте татаал түзүлүштөгү Т-ко тропик токойлору, жөнөкөй Т-ко бир түрдөн турган камыш, жекен, өлөң жамаатташтыгы мисал болот. Ценоздогу өсүмдүктөрдүн Т-ү бири бирине тыгыз байланыштуу. Өсүмдүктөр жамаатташтыгынын Т-ү жер үстүнө гана эмес, топуракта да байкалат. Дарак өсүмдүктөрдүн тамырлары эң терең, бадалдардыкы андан берирээк, мамык чөптөрдүн ризоиддери жер үстүндө жайгашат. Т. өсүмдүк жамаатташтыгынын өөрчүшүнүн узак тарыхы ж-а анын тиричилик формаларынын эволюциясы м-н тыгыз байланышта.

ТЕКТИР ЖУМШАРТКЫЧ — тектирлеп айдалган эңкейиш жерди, тилкени жумшарткыч шайман. СССРде РТ-2 жана РТН-2—25 жумшарткыч колдонулат. РТ-2 Д-496 омкормо жыйнагычка ж-а Д-074В кескичке, универсалдуу Д-259 бульдозерине асылып чиркелет. Аны тракторист тейлейт. Камтуу эни 2,3 *м*, терецд. 40 *см*, илдамд. 2,2—2,6 *км/с*. Негизинен РТН-2—25 жумшарткычы урунууга ыңгайлуу. Жер семирткичти кошо чачат.

ТЕКТИРЛЕП АЙДОО—эңкейиш, жантайма жерде топурактын суу эрозиясына каршы ж-а а. ч., токой өсүмдүктөрүн өстүрүүдө жерди жакшы пайдалануу үчүн жер бетин өзгертүү ыкмасы. СССРде Т. а. Кавказда, Молдавияда, о. эле Кырг-нда арбын кездешет. Анын түрдүү ыкмасы бар. Эңкейиши 0,02—0,12° жер туурасынан кырдалат. Ар тектирдин жазылыгы жердин эңкейиштигине ж-а топурактын составына жараша 18—50 *м* болот. Төнөктүү тектир узунунан терең айдалат. Мындай тектирге негизинен чай, цитрус өсүмдүктөрү өгүлөт. Эңкейиши 0,1—1° жерде тектирлүү коо, тепкичтүү тектир кеңири пайдаланылат. Т. а. жерди суу жайпап кетүүдөн сактап, трактор агрегатынын иштетиине ыңгайлуу шарт түзөт. Кырг-нда мындай жерлерде жүзүм, шабдалы, чие, мөмө-жемиш өстүрүлөт.

ТЕКТОГЕНЕЗ — жер кыртышынын тектоникалык структурасын пайда кылуучу тектоникалык кыймылдардын ж-а процесстердин жыйындысы, к. *Тектоникалык кыймылдар*.

ТЕКТОНИКА (гр. tektonikós — курулушка таандык), геотектоника — жер кыртышынын структурасын, анын Т-лык кыймылдан ж-а деформацияланышынан өзгөрүүсүн изилдөөчү илим; геологиянын бир тармагы. Т-нын негизги максаты — азыркы кездеги ар кандай тоо тектердин жайгашуусун, алардын структуралык элементтерин, майда бүктөлүштөрдөн тартып континент ж-а океан аралык Т-лык ири жаракалардын, үзүлүштөрдүн пайда болуш шартын, тарыхын изилдөө. Ал геол. көп тармактар — *стратиграфия, петрогра-*

фия, литология, палеогеография, кен байлык ж. б. илимдер м-н тыгыз байланышта. Т. изилдөө багытына карай: жалпы же морфол. Т.— жер кыртышындагы ар түрдүү структуралык элементтерди (бүктөлүштү, жаракаларды) изилдейт. Региондук Т.— жер кыртышынын ири аймагын же литосферадагы бүтүндөй структуралык элементтерди изилдеп, Т-лык райондоштуруу маселесин чечет. Тарыхый Т.— тектоникалык кыймылдарды ж-а анын пайда болуш тарыхын, азыркы кездеги жер кыртышынын калыптанышын изилдейт. Т-лык кыймылдардын өнүгүү мезгилдерине карай этаптарга ж-а стадияларга бөлүп, алардын жалпы закон ченемин белгилейт. Региондук ж-а тарыхый Т-ның маалыматтары б-ча Т-лык карталар түзүлөт. Генезистик же теориялык Т.—тоо тектердин деформацияланыш шартын, өнүгүү закон ченемин изилдеп, жалпы теориясын түзөт, региондук ж-а тарыхый Т-дан алынган маалыматтарды жыйынтыктайт, Т-лык кыймылдын, жылышуулардын структуралык өзгөчөлүктөрүнүн себептерин аныктайт. Генезистик Т. маселелерин чечүүдө, анын жаңы тармагы *тектонофизика* чоң көмөк көрсөтөт. Азыр Т-ның өзүнчө тармагы болуп неотектоника болүндү. Ал жер тарыхындагы оң кийинки (неоген, антропоген) учурунда пайда болгон Т-лык структураны изилдейт. Т-ның практикалык мааниси чоң, анткени ал кен байлыктарды издөөгө ж-а чалгындоого көмөк берет. О. эле Т-ның маалыматтары ар түрдүү инженердик курулуштарды (канал, суу сактагыч ж. б.) курууда эсепке алынат. Тянь-Шань тоолору Т-лык түзүлүшүнүн татаалдыгы м-н өзелтен бери окумуштуулардын көңүлүн буруп келген. Тянь-Шанда алгачкы прет И. В. Мушкетов, Д. В. Наливкин, В. А. Николаев, А. Е. Ферсман, Д. И. Щербаков ж. б. көрүнүктүү геологдор иш жүргүзүп, жаңы ачылыштары м-н Т. илимин байытkан. Тянь-Шандын Т-сын А. *Бакиров,* В. И. Кнауф, В. Г. Королев, К. Сагындыков, И. Садыбакасов, К. Д. *Ломавков* ж. б-лар да изилдешкен.


Ад.: Белоусов В. В., Основы геотектоники, М., 1975; Косыгин Ю. А., Основы тектоники, М., 1974; Хаин В. Е., Общая геотектоника, 2 изд., М., 1973.

ТЕКТОНИКАЛЫК ГИПОТЕЗАЛАР — жер кыртышынын структурасын түзгөн кыймылдар м-н деформацияланыш себептери ж-дөгү ил. божомолдор. 18-к-да немец геологу А. Г. Вернер тоо тектердин деформацияланышын ил. түшүндүрүүгө биринчи аракет кылган. Ал тоо тектердин нормалдуу жайгашуусунун бузулушун суу астындагы жылышуулар м-н байланыштырган (нептунизм гипотезасы). Ошондой эле ага каршы плутонизм гипотезасы (Ж. Геттон) пайда болуп, ал тоо тектердин бүктөлүүгө дуушарланышын жер кыртышынын өйдө көтөрүлүшү м-н байланыштуу деп түшүндүргөн. 19-к-дын 2-жарымында — 20-к-дын башында контракция гипотезасы пайда болгон (Л. Эли де Бомон, А. Гейм, Э. Зюсс, Х. Жеффрис, орус геологдору А. П. *Карпинский,* Ф. Н. Чернышёв, И. В. Мушкетов ж. б.). Анда жер кыртышы акырындык м-н суун, радиусу кичирейет. Горизонталь багыттагы кысылуу күчү пайда болуп, андан тоо тек катмарлары бүктөлүүгө дуушарланат. Бирок, тоо тектердин радиоактивдүүлүгүнүн ачылышы бул гипотезаны күнөм санатып, 20-к-дын 1-жарымында дифференциация гипотезасы пайда болду. Бул гипотезаны жактоочулар тоо тектердин радиоактивдүү ажыроосуна таянат. Радиоактивдүү ажыроодон жог. темп-ра пайда болуп, мантиянын заттары бир аздан эрип, иргелет. Эриген жеңил силикаттар топтолгон жерде материктик кыртыш пайда болот. Изостадия законуна ылайык эриген жердин үстү көтөрүлүп, деңсөөлөр пайда болуп, бүктөлүү процесстери жүрөт. Булардан башка кыртыш астындагы агымдар (мантиядагы конвекциялык агымдар), пульсация (геол. тарыхта Жер шарынын кичирейүү ж-а чоңоюу мезгилдеринин алмашуусу) ж-а Жер шарынын кеңейүү (геол. убакыт өткөн сайын Жердин радиусу чоңоёт) гипотезалары бар. 20-к-дын башында материктердин жылып жүрүшү ж-дө гипотеза (мобилизм) пайда болуп (амер. геолог Ф. Тейлор, өзгөчө немец геофизиги А. Вегенер), материктер горизонталь багытта чоң аралыкка (миңдеген *км*) жылышы мүмкүн делет. Мындай кыймылдардын себеби Жердин айлануусунан келип чыккан күчтөр м-н байланыштырылган. 20-к-дын 60—70-жылдарында *мобилизм* идеялары «Жаңы глобалдык тектоника» («плиталардын тектоникасы») гипотезасынын (амер. илимпоздор Х. Хесс, Р. Диц ж. б.) маалыматтары м-н толукталып, кайрадан өөрчүдү. Мында литосфера ири плиталарга бөлүнүп, кыртыш астындагы конвекциялык агым м-н жылып, бири бирине алыстаган жерлерде рифтер (бара-бара океандар), ал эми бири бирине астына жылып кирген жерлерде дого сымал аралдар, тоо системалары пайда болот деп түшүндүрүлөт. Бул гипотезаларда чечиле элек маселелер көп, алар ар тараптан изилденүүдө.

Ад.: Новая глобальная тектоника. Сб. ст., пер. с англ., М., 1974.

ТЕКТОНИКАЛЫК ЖАРАКАЛАР — тоо тектердин деформацияланышынан пайда болгон жаракалар, к. *Тектоникалык жылышуулар.*

ТЕКТОНИКАЛЫК ЖЫЛЫШУУЛАР— *тектоникалык кыймылдардан* ж-а тоо тектердин деформацияланышынан жер кыртышында пайда болгон жаракалар аркылуу жылышуулар. Монолиттүү тоо массивдеринин жаракадан эки блокко же бөлүккө бөлүнүшү — тектоникалык ажыраш болуңуш. Ал жылышууларга дуушарланбаган же диаклаз, жылышууларга дуушарланган жарака же параклаз деп болүнөт. Жылышууларга дуушарланбаган жаракалар бардык тоо тектерде учурайт. Аның микро-, ачык, жабылып калган жарака деген түрлөрү бар. Жылышууларга дуушарланган жаракалар эндогендик күчтүн таасири аркылуу тоо тектердин кысылуусунан же чоюлуусунан пайда болуп, аның эки бөлүгү — каналтары, жаракасы — эбинен тайдыргыч, эбинен тайган аралыгы — жылышуунун амплитудасы деп аталат (к. сүрөт). Жантыгынан



Тектоникалык жаракалардын элементтери. А — жаткан канат; В— асылып турган канат; С — эбинен тайдыргыч же жарака; *г* — чыныгы жылышуу амплитудасы; $г_1$ — вертикаль амплитудасы; $г_2$ — горизонталь амплитудасы.

жаткан Т. ж-да жараканы жаздана жатканы — жаткан канат, жаап жатканы асылып турган канат болот (к. сүрөт, *а, б*). Каналтардын жараканы бойлой горизонталь б-ча жылышы — жандан жылышуу (3-сүрөт); канаттын бирөө төмөн түшсө, ылдый жылышуу (1-сүрөт); канаттын бирөө жогору көтөрүлсө, өйдө жылышуу (2-сүрөт), үстүн жаап калса, үстүнө жылышуу (4-сүрөт), канаттар бир эле убакта горизонталь ж-а вертикаль багыты б-ча жылса, өйдө-жандан жылышуу (5-сүрөт) деп аталат. Жылышуулардын амплитудасы жүздөгөн *км*ге чейин болот. Т. ж. м-н көп учурда жер титирөөлөр байланыштуу. Жаракалар м-н жер астындагы эриндилер сыгылып өтүп, тарам тоо тектерди ж-а ар түрдүү кенди пайда кылат.



Тектоникалык жылышуулардын түрлөрү. *1*-ылдый жылышуу; *2*-өйдө жылышуу; *3*-жандан жылышуу; *4*-үстүнө жылышуу; *5*-өйдө-жандан жылышуу; *а* — жаткан канаты, *б* — асылып турган канаты.

Ад.: Белоусов В. В., Структурная геология, 2 изд., М., 1971.

ТЕКТОНИКАЛЫК ЗОНА — бирдей структуралык түзүлүшү ж-а бир типтеги тектоникалык деформацияланышы м-н мүнөздөлгөн жер кыртышынын узата созулган участкасы. Жайгашкан тоо тектердин составынын өзгөчөлүгүнө карай структура-фациялык ж-а структура-формациялык тилке болуп да ажыратылат.

ТЕКТОНИКАЛЫК ИНВЕРСИЯ — геосинклиналдык өнүгүү циклиндеги негизги стадия; жер кыртышынын төмөн ийилишинин көтөрүлүү м-н алмашылышы. Бул процесс м-н тоо кыркаларынын пайда боло башташы, тоо тек катмарларынын кысымдан улам бүктөлүштөргө дуушарланып, өйдө көтөрүлүшү, гранитоиддердин жиреп чыгышы, региондук метаморфизм процесси байланыштуу.

ТЕКТОНИКАЛЫК КЫЙМЫЛДАР — литосфера м-н Жердин мантиясындагы күчтөрдүн таасиринен жер кыртышындагы мех. жылышуулар. Т. к-дан жер кыртышындагы тоо тектер деформацияланат, хим. ж-а минералдык составы, ички түзүлүшү өзгөрөт. Кыймылдын ылдамдыгы жүздүн бир үлүшүнөн ондогон *мм*ге жетет да, ото узакка (млн жылдар) созулган аракеттердин натыйжасында жер кыртышында орчундуу жылышууларды жаратат. Немец геологу Х. Штилле Т. к. эпейрогендик ж-а орогендик кыймылдарга бөлүнөрүн жактайт. Жер үстүндөгү ири аянтын узак убакытта көтөрүлүп чыгышы ж-а төмөн чөгүшү эпейрогендик, бир эле тилкеде бүктөлүүлөр м-н жаракаларды, тоолорду пайда кылган Т. к-ды орогендик кыймылдар деп атайт. Бирок, бул жиктелиштин эң орчундуу жетишпеген жагы — бүктөлүүнү, жаракалануунуу ж-а тоолорду пайда кылуучу кыймылды бир орогендик кыймыл деп аташында. Айрым окумуштуулар (А. П. Карпинский, М. М. Тетяев) термелүү бүктөлүштүн ж-а жарылуу пайда кылуучу кыймылды өзүнчө бөлүү маселесин караган. Ал эми немец геологу Э. Харман ж-а голландиялык илимпоз Р. В. ван Беммелен ундациялык (толкун) ж-а ундуляциялык (бүктөлүш) деп бөлүүнү сунуш кылган. Т. к-ды эндоген ж-а экзоген процесстеринин айрым принциптери б-ча М. В. Ломоносов жай ж-а ылдам деп бөлгөн. Ылдам кыймылдар дайыма жер титирөө м-н байланыштуу. О. эле вертикалдуу ж-а горизонталдуу Т. к. деп бөлүү да ыңгайлуу. Вертикалдуу кыймылдар ойдундарды ж-а көтөрүлөрдү пайда кылат. Горизонталдуу кыймылдар жер кыртышынын сыныктарын бири бирине алыстатып, амплитудасы жүздөгөн, кээде миңдеген *км*ге жеткен (үстүнө, астына, кыйгач, жанаша ж. б.) жылышууларды пайда кылат. Өз багытын өзгөртүп турган тик кыймылдар термелүүчү кыймылдар деп аталат. Алар м-н деңиздин *трансгрессиясы* ж-а *регрессиясы* байланыштуу.

Ад.: Хаин В. Е., Общая геотектоника, 2 изд., М., 1973; Белоусов В. В., Основы геотектоники, М., 1975.

ТЕКТОНИКАЛЫК СТРУКТУРА — жер бетинде тоо тектердин закон ченемдүү жайгашуу формасы, к. *Тоо тектердин жайгашуусу.*

ТЕКТОНИКАЛЫК ЦИКЛДЕР (этаптар) — узакка созулган мезгилдин ичиндеги жалпы геол. ж-а тектоникалык кубулуштардын закондуу эволюциялык өнүгүшү, бүктөлүүлөрдүн ж-а келки бүктөлүүлөрдүн өөрчүшү, бүтүшү, кайталанышы. Т. ц. көбүнчө *геосинклиналь* аймактарында айкын байкалат. Циклдердин башталышында жер кыртышы чөгүүлөрө дуушарланып, ал жерде терең деңиз бассейндери пайда боло баштайт. Деңиз чөкмөлөрүнүн калың катмарлары топтолот. Суу астында жанар тоо тектер, негиздүү ж-а ультранегиздүү тоо тектер жиреп чыгат. Андан кийин тоо тектердин бүктөлүү процесстери жүрүп, тоо кыркалары түзүлө баштайт. Кургак континенттер пайда болот. Тоо аралык ойдундарда *моласс* чөкмөлөрү топтолот. Бул процесс региондук метаморфизм, гранит тектеринин жиреп чыгышы, липарит-базальт эффузив тоо тектеринин жер үстүнө чыгышы ж. б. м-н кошумчаланат. Платформаларда континенттик шарттар деңиз трансгрессиясы м-н алмашып, кайра регрессия өкүм сүрөт да континенттик режим калыптанат. Тоо тектер үбөлөнүү процессине дуушарланат. Т. ц-дин орт. узактыгы фанерозойдо 150—180 млн жылга созулган. Америка м-н Азияда соңку кембрийге чейинки мезгилде ж-а фанерозойдо гренвиль (ортоңку рифей), байкал (соңку рифей—венд), каледон (кембрий — девон), герцин (девон — пермь), киммерий (триас — юра), альп (юра — бор — кайнозой) циклдери калыптанган. Циклдүүлүктүн себеби азырынча аныкталбаса да жердин терең катмарында жылуулуктун топтолушу ж-а жылуу агымдын көбөйүшү Т. ц-дин пайда болушу м-н байланыштуу деген болжол бар.

ТЕКТОНОФИЗИКА — тектоникаңын бир тармагы; тектоникалык кыймылдардын физ. шарттарын, өзгөрүшүн, башка түргө өтүшүн, кыймылдардын пайда болуу шартын, катмарлардын бүктөлүү ж-а жарылуу себептерин изилдейт. Анткени жер катмарын түзүүчү тоо тектердин физ., мех., динамикалык касиеттерин катуу заттардын физ. закондоруна баш иет. Ошого жараша реология, катуу заттардын физикасы, гидродинамика сыяктуу илимдер айрым физ. ж-а геол. маселелерди биргелешип чечет. Т. кээде геомеханика деп да аталат. Бул илимдин негизинде азыркы кезде бир топ жаңылык ачылып, зор жетишкендиктер болуп жатат. Терминди 1954-ж. сов. геологдор В. В. Белоусов, М. В. Гзовский киргизген.

ТЕКЧЕ, и ниша — 1) аялдардын майда-барат нерселерди сактоочу буюму. Т. алгач териден, кийин өндүү кездеден уз. 75 *см*, туурасы 30—40 *см*дей тигилип, тегереги чачыланып, бөтө саймаланып жасалган. Төрт бурчуна боо тагылып, экөө керегенин башына, экөө уукка байланган. Буюм Т-нин эки жаккы ачык көндөйчөсү аркылуу салынган. 2) Там үйдүн дубалында идиш-аяк коюуга, жүк жыюуга ылайык оюлган жай. 3) Ошол эле максатта дубалга кагылган мыктын үстүнө коюлуп, эки учунан жипке асылып бекитилүү такта.

ТЕКШЕРҮҮ документтүү — ишканаңын, уюмдун, мекеменин ж-а кызматчынын белгилүү мөөнөттөгү чарб.-финансы ишин пликтөө, контролдоонун бирден бир формасы. СССРде Т-нүн объектиси — бардык мамл. ж-а кооперация ишканалары. Жыл сайын, чарб. операцияны жүргүзбөөчү уюмдарда эки жылда бир, зарыл учурда капысынан текшерилет. Т. мамл. контролдоо ж-а ички ведомстволук контролдоо органдарынын милдетине кирет. Т-нүн негизги максаты — мамл. пландын аткарылышын, чарб. операциянын закондуулугун, финансы ж-а смета тартибинин сакталышын, бухг. эсеп-кысаптын тууралыгын ж-а бухг. жазуулардын сапатын, кампанын материалдык эсебинин тактыгын Т. ж-а соц. менчиктин сакталышын контролдоо. Т. пайдаланылбаган резервдерди, өндүрүшкө байланышсыз сарпты, текшерилүүчү уюмдун ишинин оң тажрыйбасын ачып көрсөтөт, чарб. эсепке ж-а үнөмдөө тартибин чыңдоого түрткү берет.

ТЕКШЕРҮҮ-ЧЕНӨӨ КАРАЖАТЫ (техникада) — тетиктердин ж-а даяр буюмдардын сызыктуу ж-а бурчтук өлчөмдөрүн ченеп текшергич курал. Физ. чоңдуктарды тажрыйбада аныктоочу метрологиялык параметрлери же касиеттери нормаланган тех. каражатты ченөө каражаты деп атоо кабыл алынган. Физ. чоңдуктардын маанисин аныктоодо алардын өлчөмү нормаланган чекте турарын аныктоочу каражат текшерүү каражаты деп аталат. Бардык ченегич приборлор текшерүү үчүн да колдонулат. Т.-ч. к. шарттуу түрдө ченегич аспаптарга (сызгыч, штангенциркуль, профилометр ж. б.) ж-а ченегич приборлорго, ал эми мамл. стандартта Т.-ч. к. ченге ж-а ченегич приборлорго бөлүнөт.

ТЕКШИЛӨӨЧҮ ЧЫПКА — электр түзөткүчүнөн чыккан чыңалуунун пульсациясын азайтуучу *электр тизмеги.* Жүк м-н өз ара удаалаш ж-а жарыш бириктирилген чоң индукциялуу дроссель ж-а сыйымдуулугу чоң конденсатордон турат.

ТЕЛЕ... (гр. tele — алыска, ыраак) — татаал создөндүн бөлүгү; ыраактыкты, алыс аралыктагы аракетти түшүндүрөт (мис., *телеграф, телекөрсөтүү*).

ТЕЛЕБАШКАРУУ — аралыктан башкаруу; *телемеханиканын* башкаруу командаларын аралыкка берүүчү тех. каражаттар м-н методдорду камтыган бөлүмү. Телемеханика системасындагы ар бир башкарылуучу объект эки (мис., «жабык-ачык», «туташтырылган-ажыратылган») абал м-н мүнөздөлүп, башкаруу информациясы бир, эки, кээде бир нече сөздөн турат. Т. көбүнчө сигнал берүүнүн эки баскыч-

туу ыкмасы м-н аткарылат: адегенде объектинин адреси, анан (адрес туура болгондо) башкаруу информациясы берилет. Т. системасы дискреттүү (үзгүлтүктүү), о. эле үзгүлтүксүз башкаруу информациясын берүү үчүн колдонулат.

ТЕЛЕБАШКАРУУ ЖАНА ТЕЛЕСИГНАЛДОО СИСТЕМАСЫ (ТБ—ТС системасы) — аралыктан объектини башкарууга ж-а командаларын аткарылышына контролдук кылууга арналган айкалыштырылган телемех. система. ТБ — ТС системасында кабарлоо сигналынан тышкары системанын абалы, текшерилүүчү параметрлердин шартталган чектерден чыгып кеткендиги ж. б. тууралуу информация берилиши мүмкүн. Контролдук информация диспетчердик тактада (щитте) мнемоникалык схемалар же *индикатордун* жардамы м-н кайталанып берилет.

«ТЕЛЕВИДЕНИЕ И РАДИОВЕЩАНИЕ» — СССРдин телекөрсөтүү ж-а радио уктуруу б-ча мамл. комитетинин ай сайын чыгуучу адабий-сын ж-а теориялык, иллюстрациялуу журналы. 1952-жылдан Москвада чыгат (1952—56-ж. «В помощь местному радиовещанию», 1957—70-ж. «Советское радио и телевидение» деп аталган). Телекөрсөтүү ж-а радио уктуруусу өркүндөтүү маселесине байланыштуу материалдар жарыяланат. Тиражы 46 миң (1977).

ТЕЛЕГРАММА (*теле... ж-а ...грамма*) — телеграф аркылуу берилүүчү документтелген билдирүү. Байланыш ишканалары Т-ны калктан, мекемелерден, уюмдардан кабыл алат. Т. ички (өлкөнүн ичиндеги) ж-а эл аралык болуп айырмаланат. Ички Т. жерг. (калк жашаган бир пункттун аймагында) ж-а шаар аралык болушу мүмкүн. Өтүү стадиясы жагынан Т. чыгуучу, транзиттүү ж-а келүүчү болуп, Т. тез жеткирилишине карата бир нече категорияга бөлүнөт.

ТЕЛЕГРАФ (*теле... ж-а ...граф*) — 1) телеграф байланышынын кыскача жалпы аталышы. 2) Телеграммаларды берүү, кабыл алуу ж-а жеткирүүгө адистештирилген байланыш ишканасы. Т. СССРде обл. же респ-калык борборго жайгаштырылат. Ал бардык шаар байланыш бөлүмдөрү, өз зонасы б-ча (СССР аймагы зоналарга бөлүнгөн) райондук байланыш түйүндөрү м-н тике, о. эле өлкөнүн башка Т-тары м-н байланышта болот. Азыркы Т-та телеграмма жиберүүчүлөрдү тейлөөчү операциялык залдар, телеграф аппараттары аркылуу телеграммаларды берүүчү тех. жабдуулар, телеграф коммутаторлор, жыштык-телеграфтоо каналын түзүүчү аппаратуралар, энергетикалык установкалар бар.

ТЕЛЕГРАФ АГЕНТСТВОСУ, к. *Басма сөз агентствосу.*

ТЕЛЕГРАФ АППАРАТЫ — телеграф байланышын иш жүзүнө ашыруу үчүн электр телеграф сигналдарын берүүчү ж-а кабыл алуучу аппарат. Биринчи Т. а-н 1832-ж. П. Л. *Шиллинг* ойлоп тапкан. Телеграфиянын алгачкы өнүгүү этабында кабарлар клавиштүү түзүлүш же телеграфтык ачкыч аркылуу берилген. Азыркы Т. а. бир калыптагы ж-а ар калыптагы коддо (к. *Телеграф коду)* иштөөчү аппаратка бөлүнүп, биринчиси кең колдонулат. Ал сигналдарды берүү жагынан үзгүлтүктүү (стартстоп) ж-а синхрондуу болуп айырмаланат. Азыркы Т. а. телеграф бергичтен ж-а телеграф кабылдагычтан турат. Телеграф бергич берилө турган белгилерди шифрлөө (коддук таблицага жараша элементардык сигналдардын айкалышын түзүү), параллелдүү коддук айкалышты удаалаш коддук айкалышка өзгөртүү, коддук айкалыштын составына, кабылдагычты синхрондоштуруучу ж-а фазалагыч сигналдарды киргизүү, талаптагыдай узундукта ж-а амплитудада болгон электр сигналдарынын удаалаштыгын байланыш линиясына берүү операцияларын аткарат.

Лит.: Балагин И. Я., Кудряшов В. А., Семенюта М. Ф., Передача дискретной информации и телеграфия, М., 1971; Павлова Г. Ф., Павлов К. М., Основы телеграфии и телеграфные аппараты, М., 1975; Принципы построения электронно-механических телеграфных аппаратов, М., 1973.

ТЕЛЕГРАФИЯ — илим м-н техниканын телеграф байланышын түзүү принциптерин, телеграф сигналдарын берүү жолдорун ж-а аларды жүзөө ашыруучу аппаратураны иштеп чыгуу, телеграф каналдары аркылуу маалыматтын берилүү сапатын изилдөөчү тармагы. Негизги милдетине карата *телеграф коду*, телеграф аппаратурасы, *телеграф каналы*, телеграф тармагынан түзүлөт. Т-да кабар берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн телеграф сигналдарынын бурмаланышы, анын закон ченеми ж-а себеби, маалымат берүүдө каталардын пайда болушу ж-а аларды жоюу жолдору изилденет. Т-нын байланыштын башка түрүнөн айырмасы — анда символдордун — тамгалардын, цифралардын ж-а тыныш белгилеринин чектүү сандарынан түзүлгөн дискреттик маалыматтар бергенинде. Маалымат бериле турган сигналдар да дискреттүү болот. Т-нын теориялык базасы — байланыштын жалпы теориясы, информация теориясы ж-а кедергиге туруктуулук теориясы. Т-да ыктымалдык теориясы ж-а Буль алгебрасы колдонулат. Т-нын өзгөчө багыты — фототелеграфия.

ТЕЛЕГРАФ КАНАЛЫ — телеграф сигналдарын маалымат бергичтен кабыл алгычка берүүнү камсыз кылуучу тех. каражаттар жыйындысы. Т. к. төмөнкү байланыш (шаар, район ж-а область ичиндеги) ж-а магистралдык байланыш (область, респ-ка аралык) болуп айырмаланат. Т. к. сигналдарды 50—200 *бод* ылдамдыкта берүүгө болот. Т. к. байланыш линиялары ж-а байланыш линияларын тыгыздоочу аппаратурадан түзүлөт.

ТЕЛЕГРАФ КОДУ — телеграфияда шарттуу кабыл алынган белгилер системасы. Ал системадагы ар бир тамгага же белгиге электр тогунун элементардык (эң кичине) жиберилмеши (посылканын) өзүнө тиешелүү комбинациясы туура келет. Т. к-нда ар бир белгини белгилөө үчүн элементардык жиберилменин саны бирдей (бир калыптуу код) же түрдүү (бир калыптуу эмес код) болушу мүмкүн. Элементардык жиберилмелердин берүү процессинде бир нече маанинге ээ болгон маанилеринин саны коддун негизи деп аталат. Бул белгилери б-ча код бинардык (экилик), үчтүк ж. б. болуп бөлүнөт. Бир калыптуу код белгилерин берүүдөгү элементардык жиберүүлөрдүн санына карата Т. к. 5 элементтик, 6 элементтик ж. б. болуп айырмаланат. СССРде кабарларды телеграф аппараттары м-н берүү, кабыл алуу орус алфавитиндегидей эле латын алфавитинде да жүргүзүлөт да негизинен орус ж-а латын алфавиттеринен турган үч регистрлүү № 2 код кабыл алынган.


ТЕЛЕГРАФ КОММУТАТОРУ — телеграф аппараттарын, линияларды ж-а каналдарды туташтыруучу түзүлүш. Ал телеграф станциясында орнотулуп, телеграф станциясынын чыгуучу, келүүчү бардык линиялары, каналдары ж-а телеграф аппараттары м-н туташтырылат. Т. к. аркылуу станциянын техник кызматкерлери байланыштын багыттарын ыкчам өзгөртүп, каналдар, линиялар бузулуп калса, аларды алмаштырат. Т. к-нда өлчөгүч приборлор телеграф линияларынын ж-а каналдарынын электр мүнөздөмөсүн аныктайт. Т. к-на чагылгандан сактагыч элементтер орнотулат.

ТЕЛЕГРАФ СТАНЦИЯСЫ — телеграф каналдарын коммутациялоочу жабдуулар комплекси. Телеграф байланышы процессинде Т. с-нда телеграф тармагынын акыркы пункттары (АП) убактылуу туташтырылат. Туташтыруучу оператор-телеграфист кол м-н (телеграф коммутаторлор м-н жабдылган колдон иштетилүүчү Т. с.) же автоматтык түрдө (автоматташтырылган Т. с.) аткарылат. Автоматтык Т. с. колдонулуучу коммутациялык түзүлүштөрдүн типтери б-ча электрмех. издегичтерден түзүлгөн декадалык-арымдуу ж-а коммутациялоо түзүлүштөрү көп эселик туташтырыгычтардан түзүлгөн координаталык Т. с. болуп бөлүнөт. Станция абоненттик телеграфтагыч (АТ), түз туташтырыгыч (ТТ), айкалышкан (АТ, ТТ) ж-а маалыматтарды бергич болуп айырмаланат. Т. с. аз сыйымдуу (10—20 АП) ж-а көп сыйымдуу (20дан ашык АП) болот.

ТЕЛЕКИНОПРОЕКТОР, телекинобергич — *кинопленкага* тартылган сүрөттү *телекөрсөтүү* б-ча берүүчү аппарат. Ал лента жылдыргыч механизмден ж-а киносүрөттү *видеосигналга* өзгөртүүчү оптика-электрондук санагыч түзүлүштөн турат. Азыркы Т. түстүү ж-а ак-кара түстөгү телеберүүлөрдү жүргүзөт. Т-лордун ичинен *берүүчү телекөрсөткүч түтүгү* жарык түрүндө берилген сүрөттү видеосигналга өзгөртүүчү ж-а сүрөттү кымылдуу ичке жарык нур м-н жайылтып (развёртка) бергич Т. көбүрөөк колдонулат. Биринчисинде, көрсөтүлө турган ар бир кадрдын сүрөту түс ажыраткыч оптикалык система аркылуу берүүчү түтүктөн жарык сезгич элементине түшүрүлөт. Экинчисинде кинопленканын сүрөту жарык нуру м-н саналат да, ал нур электрон-нур түтүгүндө түзүлгөн жарык тагын кинопленканын тегиздигине проекциялоодон пайда болот. Ал нур кинопленканын ар түрдүү оптикалык жыштыктагы бөлүктөрүнөн өтүп модуляцияланат да, андан кийин түс ажыраткыч система м-н 3 түскө (кызыл, жашыл, көк) ажыратылып, фотоэлектрондук көбөйткүч м-н видеосигналга айландырылат. Күчөтүлгөн видеосигнал толук телекөрсөтүү сигналына өзгөртүлөт.

Лит.: Выходец А. В., Телевизионная передача кинофильмов, М., 1975.

ТЕЛЕКӨРСӨТКҮЧ, телевизор (гр. tele — алыс ж-а лат. viso — көрөм, карайм), телекөрсөтүүчү кабылдагыч — телекөрсөтүү антеннасы кабыл алган сүрөттөлүштү ж-а аны м-н кошо берилүүчү үндүн радио сигналдарын күчөтүп, аларды кайтадан сүрөткө ж-а үнгө айландыруучу телекөрсөтүүчү радио кабылдагыч. Берүүчү теледборбордон таралган радио толкундарды телекөрсөткүч антенна кабыл алып, кабель б-ча Т-кө берет. Т-то кабыл алынган радио толкундар күчөтүлөт, үн ж-а сүрөттөлүш сигналдары бөлүнөт. Күчөтүлгөндөн кийин сүрөттөлүш сигналы электрон нур түтүгүнө (кинескопко),



Телекөрсөткүчтүн структуралык схемасы: КС — каналдар селектору; СИС — сигналды иштетүү схемасы; К — кинескоп; ЧС — четтөөчү система; ЖГС — жыйылтуу генератор схемасы; ЖЧБ — жог. чыңалуу блогу; НБС — нур билдиргич схема; НБЖ — нур билдиргичти жөндөгүч; КНМ — «көк» нурдун магнити; ТТМ — түстүн тазалык магнити; КТС — кинескопту туташтыргыч схема; КМС — кинескопту магнит-сиздендиргич схема; УКС — үн каналынын схемасы; КСК — күчөтүп сүйлөгүч комплекти; ТБ — ток булагы; АБП — аралыктан башкаруу блогу; УК — ультраүн кабылдагычы; БС — башкаруу системасы; АБП — аралыктан башкаруу пульту.

үн сигналы электр-динамикалык күчөтүп сүйлөгүчкө берилет. Сап жайылтуу ж-а кадр жайылтуу генераторлорунун жардамы м-н кинескоптун экранында жаркыроочу телекөрсөткүч растры түзүлүп, анда сүрөттүн сигналы күчүрт ж-а жарык чекиттерди пайда кылат. Көп сандагы мындай чекиттердин болушу кинескоптун экранында сүрөттү көрүүгө мүмкүндүк берүү — кара-ак Т-түн иштөө принциби. Түстүү телекөрсөтүү системасында үч каналдуу монохромдуу түзүүчүлөр — кызыл (к.), жашыл (ж.), көк (к.) түстөр аралаштырылып, бергич модуляторлорго өтөт. Кабылдагычта толкундар кайра үч жыштыктуу каналга (к. ж. к.) бөлүнүп, түстүү кинескопто көрсөтүлөт.

СССРдеги Т-төр көрсөтүү санаты, экрандын өлчөмү ж-а пайдалануусуна ыңгайлуулугу б-ча 4 класска бөлүнөт. Т. айрым конструкциялык блоктор түрүндө жасалат. Азыркы Т-тө электрондук лампалардын ордуна жарым өткөргүч приборлор ж-а интеграл микросхемалар көп колдонулууда.

Лит.: Ельяшкевич С. А., Телевизоры, М., 1974.

ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮ — илим м-н техниканын ж-а мад-ттын радиоэлектрондук каражаттар аркылуу кыймылдуу сүрөттөрдү аралыкка берүүчү тармагы; көрмө кабарды берүү ыкмасы. Т. — кабарды (саясий, маданий, ил., окуу) массалык таркатуучу ж-а ил.-тех. ж. б. көмөкчү максаттарда (мис., космос ж-а ядро изилдөөлөрүндө, аскер ишинде ж. б.) колдонулуучу негизги байланыш каражаты.

Т-нү адам көз м-н кабыл алгандыктан Т. системалары көздүн көрүү өзгөчөлүгүн эсепке алуу м-н түзүлөт. Реалдуу дүйнөнү (объектилерди, кубулуштарды) адамдын көзү түрдүү түстө кандайдыр мейкиндикте жайгашкан көлөм (рельефтүү), ал эми окуларды кыймыл түрүндө кабыл алат; демек телесистема материалдык дүйнөнүн ушул касиеттерин толук чагылдырууга тийиш. Азыркы Т-до кыймыл м-н түстүн берилиши практикалык жактан толук чечилген. Т-дө 3 процесс аткарылышы зарыл: көрсөтүлүүчү перседен чыккан же андан чагылган жарыкты электр сигналына айландыруу; электр сигналдарын байланыш каналдары б-ча берүү ж-а кабыл алуу; электр сигналын кайрадан жарык импульсуна айландыруу. Акыркы процессте объектинин оптикалык сүрөттөлүшү кайра түзүлөт. Бул процесстерди ишке ашырууда У. С. Смиттин (АКШ) ички фотоэффект (1873), А. Т. Столетовдун тышкы фотоэффект (1888), А. С. Поповдун радио байланыш (1895), Б. А. Розингдин «катоддук телескопия» системасы б-ча эмгектери зор маанинге ээ болду.

Азыркы учурдагы Т-дө оптикалык сүрөттөрдү сигналга, сигналды кайрадан оптикалык сүрөткө айландыруу тех. жактан вакуумдуу электрон нур түтүгүндө аткарылат. Мындай приборлордун колдонулушуна негизделген Т-нүн электрондук системасынын түзүлүшү 20-к-дын 20—30-жылдарына таандык. Берүүчү түтүктөрдөн эң көп таркалганы — видикон (ички фотоэффекттүү) ж-а суперортикон (тышкы фотоэффекттүү), кабыл алуучу түтүктөрдөн — түрдүү кинескоп. Т-нүн тарыхы көрсөтүлө турган сүрөттүн ар бир элементинин жаркыратын мүнөздөмөсүн берүүдөн башталган. Кара-ак Т-дө жарык сигналы (видеосигналы) берүүчү түтүктөн чыгарда күчөтүлүп өзгөртүлөт. Байланыш каналынын ролун радиоканал же кабель каналы аткарат. Кабылдагычта алынган сигнал бир нурдуу кинескопто өзгөртүлөт; кинескоптун экранына ак жарык чыгаруучу люминофор сүйкөлөт. Түстүү Т-дө жаркырактык түзүүчүдөн башкы объектинин ар бир элементинин өңү-түсү ж-дегү информация берилет. Т. аппаратурасы илимдин түрдүү маселелерин чечүүдө, эл чарбасынын түрдүү тармактарында кеңири колдонулууда. 1962-ж. СССРде космостук Т. пайда болду. Т. Айдын Жерден көрүнбөгөн тарабын изилдөөгө мүмкүндүк берди. Айдын ж-а бир нече планетанын (Меркурий, Венера, Марс, Юпитер) сүрөтү тартылып алынды. Т-нүн келечеги кассеталык кинону, стереоскоптуу Т-нү, стереотүстүү ж-а көп ракурстуу Т. системаларын иштеп чыгарууга, голография методун колдонууга багытталган.


Т. сүрөттөрдү, информацияны эфирге берүү, калк ичинде үгүт-насыят жүргүзүү, тарбиялоо, билим берүү, эс алууну уюштуруунун бирден бир массалык куралы. СССР ж-а башка соц. өлкөлөрдөгү Т. коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын, мамл. органдардын иштерин, коммунисттик ж-а соц. курулуштагы эмгекчилердин эмгегин чагылдырат, соц. турмуштун өзгөчөлүгүн көргөзөт, калкты идеялык, нравалык ж-а эстетикалык тарбиялоодо коомдук пикирдин калыптанышына кызмат кылат, тынчтыкты сүйгөн тышкы саясатты пропагандалайт. Т-нүн практикалык колдонулушу м-н келечекте өнүгүшүнө В. И. Ленин чоң маани берген. 1957-ж. СССРде мамл. радио уктуруу ж-а Т. б-ча комитет уюштурулган. 50-жылдардын акырында Т. бүткүл союздук болуп калды. 1961-жылдан СССР—эл аралык Интервидение уюмунун мүчөсү. Борб. Т. 6 программада, анын экөө өлкөнүн алыскы райондоруна берилет. 1-программа негизги жалпы союздук информация, коомдук-саясий, көркөм ж-а таанытма берүүлөрдү жүргүзөт. Берүүнүн суткалык орт. узактыгы 13 с. «Орбита» программасы 1 программадан түзүлүп, О. Азия ж-а Каз-ндын айрым областтарына, алыскы Түн. ж-а Ыраакы Чыгыш райондоруна космостук байланыш системасы аркылуу берилет. Орт. суткалык

лык берүүсү 19 с. СССРде 1967-жылдан түстүү Т. дайыма берилип турат. Кырг-ида Т. 1957-жылдан башталган. 1958-жылдын аяк ченинде Фрунзенин Т. борбору ишке киргизилип, 1966-ж. 1-январдан Москва — Ташкен кабелдик магистралдын бүтүшү м-н Борб. Т. берилүүдө. Азыр Кырг-ндын калкынын 95% Т. м-н камсыз кылынган. 70ке жакын түрдүү кубаттагы автоматташтырылган телебергичтер иштейт.

Ад.: О партийной и советской печати, радиовещании и телевидении. Сб. документов и материалов, М., 1972; Саппак В. С., Телевидение и мы, М., 1963; Казанцев М. Л., Макеев Г. М., Сафрошин Н. А., Основы телевидения, 3 изд., М., 1973; Брацлавец П. Ф., Росселевич И. А., Хромов Л. П., Космическое телевидение, 2 изд., М., 1973; Самойлов В. Ф., Хромой В. П., Телевидение, М., 1975; Новаковский С. В., Цветное телевидение, М., 1975.

ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮ БОРБОРУ — телекөрсөтүү программаларын түзүүчү телестанция, к. *Телекөрсөтүү*.

ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮ МУНАРАСЫ — чокусуна *телекөрсөтүү, радио уктуруу, радиотелефон* ж-а радиореле байланыш антенналары орнотулган бийик түркүк. Т. м-нын ичине бардык коммуникация ж-а лифт монтаждалат, даярдаган формаларды (концерт, театр оюндары, кинофильм) элдин калың катмарына жеткиликтүү кылып көрсөтөт. Анын бул милдети чыг-лык ж-а коммуникациялык процесстин биримдигине негиздеген. Режиссёр, оператор, комментатор көркөмдөөчү каражаттарды (монтаж, ракурс, интонация, композиция ж. б.) пайдаланып, бул өнөрдүн туундуларын көркөм табитке ылайык келгендей таасирдүү кылууга, алардын идеялык-саясий, социалдык-психологиялык ж-а эстетикалык маңызын терең ачууга умтулат, б. а. тех. каражаттарды көркөм табитке устаттык м-н баш ийдирип, көрүүчүгө турмуш маңызын түшүнүүгө көмөктөшөт. Т. ө-нүн көрсөтүүлөрү, адатта, маалымдоочу (кабар, репортаж, документ фильм ж. б.) ж-а көркөм (концерт, театр оюну, кинофильм, телефильм ж. б.) мүнөздө болот. Бул экөө максатка жараша эриш-аркак формада да пайдаланылат («Айбаната дүйнөсүндө», «Кино саякат клубу», «Кинопанорама» ж. б.). Т. ө-нүдөгү өзүнчө бир жанр — документ телефильм. Ал көп жагынан документ кино салтына жакын келет да, документ киногун материалын арбын пайдаланат.



Дүйнөнүн эң ири телемунаралары: 1. Стокгольм. 2. Лондон. 3. Каир. 4. Белград. 5. Штутгарт. 6. Дрезден. 7. Париж (Эйфель мунарасы). 8. Ленинград. 9. Токио. 10. Москва (Останкино).

ички болүгүнүн төбөсүнө *радиобергич* ж. б. жабдуулар орнотулат. Дүйнөдөгү эң бийик Т. м.— Октябрдын 50 жылдыгы атн. Бүткүл союздук телекөрсөтүү тех. борбору Москвада (Останкинодо) тургузулган. Бийикт. 533 *м*.

ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮ ОНОРУ — *телекөрсөтүүнүн* пайда болушуна байланыштуу чыккан көркөм чыг-лык түрлөрүнүн жыйындысы. Түркүн көрүнүштөрдү, чыныгы турмуш окуяларын, о. эле иск-вонун башка түрлөрү Мис., «Жарым кылымдын жыл баяны» — Окт. рев-ясынын 50 жылдыгына карата Совет мамлекетинин тарыхы ж-дө 50 фильм, «1945-жылдын кышы жана жазы» ж. б. Документ телефильмде автордун ою көбүнчө баяндоочунун сөзү аркылуу ачылат. Т. ө-нүн көркөм чыг-ларды инсценировкалашы, театр оюндарын, концерттерди көрсөтүшү ж-а аларды пропагандалашы адамдын көркөм табитин, маданий деңгээлин жогорулатууда зор роль ойнойт. Т. ө. иск-вонун өз алдынча түрү катары 50-жылдардын ортосунда жаралып, 60—70-жылдары жетилди ж-а анын ар кыл жанрлары м-н түрлөрү (телефильм, телеспектакль, теленовесть ж. б.) пайда болду. 50-жылдардан телефильм, телеспектаклдер, циклдүү ж-а сериялуу формалар, куурчак телефильмдери, кийипчерээк көп сериялуу көркөм фильмдер, эмгек адамдары ж-дөгү чыг-лар жаралды.


Кырг-ида Т. ө. 1959-жылдан калыптана баштап, 60-жылдарда алгачкы телефильмдер көрсөтүлгөн («Асман мелжиген жерде», 1963, реж. Ж. Рахматулин). Ал эми кыргыз телекөрсөтүүсүндө алгачкы көркөм фильм («Алымкан», реж. Б. Кайыпов) 1964-ж. тартылган.

Т. ө-нүн чыг-лары Москвадагы Борб. телекөрсөтүүдө, «Мосфильм» ж-а М. Горький атн. киностудияларда, Ленинград, Минск, Киев, Свердловск, Одесса, Ташткен, Алматы, Фрунзе ж. б. ш-ларда даярдалат. СССРде иск-вонун башка түрлөрүнүкүндөй эле Т. ө-нүн чыг-лары да соц. башка өлкөлөр м-н алмашылып турат.

Ад.: Саппак В., Телевидение и мы, М., 1963; Ильин Р., Телевизионное изображение, М., 1964; Безклубенко С. Д., Телевизионное кино. Очерк теории, К., 1975; Борецкий Р. А., Основы телевизионной журналистики, М., 1966; Проблемы телевидения и радио, в. 1—2, М., 1967—71.

ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮ СТАНДАРТЫ — кара-ак ж-а түстүү телекөрсөтүү системаларынын негизги параметрлерин аныктоочу ж-а таратып көрсөтүүчү телекөрсөткүч түзүлүштөрүндө пайдаланылуучу стандарт. Т. с-на телекөрсөткүчтүн жайылтуу параметрлери, телекөрсөткүчтүк толук сигналдын параметрлери, телекөрсөтүүнү берүүчү станциялардан таралуучу телекөрсөтүү радиосигналдарынын параметрлери, телекөрсөтүү тармактарын пландоодогу негизги талаптар ж. б. нормативдүү көрсөтүүлөр келтирилет. Түстүү телекөрсөтүү үчүн Т. с-нда кинескоптун люминофорлорунун жарык кылуу параметрлери, негиз кылып алынган ак түстүн параметрлери, түстүү синхрондоштуруу сигналдардын мүнөздөмөлөрү ж. б. көрсөтүлөт.

ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮ СТАНЦИЯСЫ — телекөрсөтүү программаларын даярдоо ж-а аларды радио толкундар аркылуу берүүчү түзүлүштөр комплекси. Т. с. программалык (телекөрсөтүү борбору) ж-а берүүчү (ретрансляция) болуп айырмаланат. Программалык станция берүүчү Т. с. м-н бирдикте курулат. Телеборбор — телекөрсөтүү тармагынын баштапкы звеносу, анда телекөрсөтүү программалары түзүлөт. Теледорбордун тех. базасынын негизи — аппарат-студиялык комплекс. Ага тийиштүү тех. аппараттар м-н кошо телекөрсөтүү студиясы, кинофильмдерди телекөрсөтүүчү ж-а телекөрсөтүү программасынын сигналдарын магнит лентага жазгыч




Телекөрсөтүү станциясынын структуралык схемасы: РА — режиссёрдук аппараттар бөлмөсү; ТА — тех. аппараттар бөлмөсү; ТКА — телекиноаппараттар бөлмөсү; БА — борб. аппараттар бөлмөсү; ӨМА — видеомагнитофон аппараттар бөлмөсү; ТКС — көчмө станциядан (ТКС) сигналдарды кабылдоочу аппараттар бөлмөсү; СКА — телекөрсөтүүчү көчмө станциядан берүүчү камера; *1* — видеорежиссёр пульту; *2* — микрофон; *3* — үн режиссёр пульту; *4* — үн коммутациялык-күчөткүч жабдуу; *5* — күчөтүп тескөөчү жабдуу; *6* — телекинопроектор; *7* — видеомагнитофон; *8* — коммутациялык жабдуусу; *9* — шаар аралык радиореле линиясынын кабыл алып — берүүчү жабдуусу; *10* — радиореле линиясынын антеннасы; *11* — шаар аралык кабель линиясынын кабыл алып — берүүчү жабдуусу; *12* — суреттелүштүрдүн сигналдарын радио берүүчү; *13* — үн сигналын радио берүүчү; *14* — суреттелүш ж-а үн сигналдарынын радио жыштыктарын дал келтирүүчү түзүлүш; *15* — радио берүүчүнүн антеннасы; *16* — ТКС; *17* — ТКС радио линиясынын кабылдагычы; *18* — ТКС радио линиясынын кабылдоочу антеннасы; *19* — ТКС радио линиясынын кабылдагыч антенна. *20* — портативдүү репортаждык телекөрсөтүү установкасынан сигналдарды кабылдагыч антенна.

ж-а кайра угузуучу жабдуулар, шаар аралык байланыш линиялары б-ча башка телекөрсөтүү борборунан келген программаларды кошуу ж-а өз программаларын башка телекөрсөтүү борборуна берүүчү аппаратура кирет.

Телестудия — үн өткөрбөс бөлмө. Үн талантагыдай акустикалык мүнөздомодо угулсун үчүн студиянын шыбы ж-а дубалы үн басандаткыч материалдар м-н капталат. Студиянын жанында режиссёрдун ж-а үн операторунун жумуш орундары жасалгаланган режиссёрдук аппараттар бөлмөсү болот. Режиссёр аппаратынын катарында телекамералардан келүүчү телекөрсөтүү сигналдарын күчөтүү ж-а өзгөртүү үчүн негизги жабдуулар орнотулган студиялык тех. аппараттар бөлмөсү жайгашат. Телестудияда артисттер бөлмөсү, гримдөө, кийим кийүү, бутафориялык ж-а көркөм устаканалар ж. б. кошумча кызмат бөлмөлөрү болот. Кинофильмдерди берүүчү жабдуулар телекино аппараттар бөлмөсүнө орнотулат. Сүрөттөрдүн сигнал түрүндө берилиши жазып алына турган ж-а аны кайра сүрөт түрүндө көрсөтүп бере турган жабдуулар видеомагнитофон аппараттар бөлмөсүнө жайгаштырылат. Студиядан тышкары берүүлөрдү жүргүзүү үчүн телеборбордун составында *телекөрсөтүүчү көчмө станция* болот.

Берүүчү станция — телекөрсөтүүнү берүү тармагынын эң акыркы звеносу; ал телесүрөттөрдүн ж-а кошо берилме үн сигналдарын радио толкун түрүндө таратат. Ал үчүн бул станцияда телерадио бергичи, телемунарага орнотулган берүүчү телеантенна орнотулат.

ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮ ТЕЛЕСКОБУ — асман объектилеринин сүрөттөлүшү телекөрсөтүү техникасынын жардамы м-н түзүлүүчү астр-лык аспап. Т. т. спектрдин ультракызгылт көк, көзгө көрүнмө, инфракызыл аймактарын байкоо үчүн колдонулат. Алгач Т. т. Улуу Британияда 1952-ж. Айды ж-а АКШда 1954-ж. Марсты байкоо үчүн пайдаланылган. СССРде Пулково обсерваториясында биринчи жолу (1956) Т. т. м-н Айга байкоо жүргүзүлгөн. Т. т-нда асман объектисинин оптикалык телескоп түзгөн (1) сүрөттөлүшү берүүчү телекөрсөтүү түтүгүнүн фотокатодуна проекцияланат. Түтүктөн чыккан көрүү сигналдары контрастты жөнгө салгыч блоктон, көрүү күчөткүчтөн (3) өтүп, кинескопко (4) түшөт. Кинескоптун экранындагы сүрөт камера (5) м-н сүрөткө тартылып



алынат. Оптикалык телескопко караганда Т. т-нун артыкчылыгы — даана-лыкты, жаркыратыктыгы так жөнгө салгыч блоктон, көрүү күчөткүчтөн (3) өтүп, кинескопко (4) түшөт. Кинескоптун экранындагы сүрөт камера (5) м-н сүрөткө тартылып

телекөрсөтүү берүүлөрүн жүргүзмө автобуска орнотулган аппаратуралар комплекси. СССРде студиядан тышкары телекөрсөтүү эки берүүчү телекөрсөткүч камераны (БТК) иштетүү м-н 1948-ж. башталган; 1968-ж. түстүү телесүрөттү берүүчү ТКС ишке киргизилген. Кочмо станция типтүү ж-а репортаждык болуп бөлүнөт. Типтүү станциянын составына: автобустагы телекөрсөткүч аппаратура, алып жүрмө БТК, телеберүүдөгү үн күчөткүч аппаратура (алып жүрмө микрофон кошо), теле-борбор ж-а бир нече ТКС м-н өз ара технол. байланыш аппаратурасы, теле-борбордун радио кабылдагыч валына телесүрөттөрдү үн сигналы м-н кошо берүүчү радио реле жабдуулары, өзгөрмө ток тармагынан электр тогун алуучу аппаратура кирет. ТКС-да 4 (кээде 2 же 3) БТК ж-а 6—12 микрофон туташтыргыч болот. Трассага ж-а радио толкундардын таралыш шартына жараша ТКС телеборбордон 30—50 *км* аралыкта болушу мүмкүн.

ТЕЛЕМЕХАНИКА (*теле... ж-а механика*) — илим м-н техниканын аралыктан башкаруу ж-а текшерүү максатында сигналды берүү, кабыл алуу методдорун изилдөөчү ж-а тех. каражаттарын түзүүчү тармагы. Т. информацияны аралыктан берүүчү башка тармактардан (телефония, телеграфия, телекөрсөтүүдөн): эң жай өзгөрүүчү чоңдуктарды берүү, өлчөнүүчү чоңдуктарды жог. тактыкта берүү (0,1%ке чейин), сигналдарды кечиктирбей берүү, башкаруу командаларын берүүнүн эң ишенимдүүлүгү, информацияны топтоо ж-а пайдалануу процесстерин автоматташтыруу, информацияны иштетүүнү борборлоштуруу сыяктуу өзгөчөлүктөрү м-н айырмаланат.

Машиналардын ишин аралыктан башкаруу ж-а керектүү чоңдуктарды өлчөөгө 19-к-дын акырында алгачкы аракет жасалган. Адегенде Т. согуш объектилеринде колдонулган. Т-ны тынчтык максатында колдонуу 20-жылдарда т. ж. транспортунда башталды. Кийинчерээк электр энергиясын берүүчү системаларда телесигналдоо, телеөлчөө түзүлүштөрү катары колдонулду. СССРде Т-лык түзүлүштөр 1950-жылдан Ленинграддагы «Электропульт» з-дунда чыгарылат. Акыркы жылдарда Т-лык аппаратура интегралдык схемалардын негизинде жасала баштады. Т-нын жардамы м-н башкаруу ж-а текшерүү иштери башкаруу же диспетчер пунктунан жүргүзүлөт. Башкарылуучу объектилер бир жерде же ар кайсы жерде бири бириnен алыс аралыкта болушу мүмкүн. Информацияны жиберүү үчүн зым же кабель байланыш каналдары, радио каналдар, оптикалык, гидравликалык ж-а акустикалык каналдар, электр энергиясын берүүчү линиялар колдонулат.

Радио каналдар колдонулган түзүлүштөр радио Т-сы деп аталат. Объектилерди башкаруучу ж-а алардын абалын аралыктан текшерүүчү түзүлүштөрдүн тобу Т-лык система, ал эми башкаруу же текшерүү иштерин гана аткаруучу Т. системасы телебашкаруу ж-а телетекшерүү системасы деп аталат. Татаал объектилерди телебашкарууда алынган информацияны автоматтык иштетүү ж-а башкаруучу таасирди иштеп чыгуу үчүн ЭЭМ колдонулат. Мындай Т-лык системалар телеавтоматтык башкаруу системалары деп аталат. Телебашкарууда башкаруу командасын оператор башкаруу пунктунан байланыш каналдары аркылуу объектилерге код түрүндө жиберет. Кабыл алынган код башкаруу таасирине айландырылат да, аткаруучу элементке (реле, кыймылдаткыч) берилет. Телетекшерүүдө болсо информация текшерилүүчү объектиден өлчөөчү өзгөчөлүктөр аркылуу алынып, код түрүндө башкаруу же диспетчер пунктуна жиберилет. Жандырылган код башкарылуучу объектинин абалын же өлчөнүүчү чоңдуктун маанисин көрсөтөт. Телетекшерүү системасы берилип жаткан информациянын эки түрүн сигналдоочу (башкарылуучу объектинин сапаттык абалын көрсөтүүчү) ж-а өлчөөчү (текшерилүүчү параметрдин сандык баасын көрсөтүүчү) түрлөрүн камтыйт. Ошондуктан бул процесстер телесигналдоо ж-а телетекшерүү деп аталат. Башкарылуучу объектилердин параметрлерин жай өзгөртүү керек болгондо диспетчер башкаруу сигналдарын үзгүлтүксүз жиберип, кайра алынган информация аркылуу команданы өзгертип турат. Телебашкаруунун бул түрү тележөндөө деп аталат. Т. о. ж-дын бардык тармактарында, космосту өздөштүрүүдө кеңири колдонулат.

Ад.: Тутевич В. Н., Телемеханика, М., 1973; Ильин В. А., Телеуправление и телеизмерение, 2 изд., М., 1974; Макаров В. А., Теоретические основы телемеханики, Л., 1974; Фремке А. В., Телеизмерения, 2 изд., М., 1975.

ТЕЛЕНОМУСТАР (Telenomus) — курт-кумурска тукумундагы жаргак канаттуулар уруусу. Уз. 0,7—1,5 *мм*, түсү кара. Көпөлөк, кантала ж-а чымын сиркесинде мителейт. Көбүнчө бир, айрым учурда 6—16 мите өөрчүйт. 2 жумадан 1,5 айга чейин өсүп жетилет. Табигый шартта ал артык баш зыянкеч курт-кумурска көбөйүп кетишине жол бербейт да, зыянкечтерге каршы күрөшүү үчүн лабор-яда өстүрүлөт. СССРде зыянкеч таш бакага, сибирь жибек көпөлөгүнө ж. б-га каршы күрөшүү үчүн пайдаланылат.

Ад.: Химическая и биологическая защита растений, М., 1971.

ТЕЛЕӨЛЧӨӨ, телеметрия — телемеханиканын текшерилүүчү параметрлерди өлчөөнүн жыйынтыгын аралыкка берүүнүн ыкмасын ж-а тех. каражаттарын камтуучу бөлүмү. Т-дө байланыш каналы б-ча берүү үчүн өлчөнүүчү чоңдук сигналга айландырылат. Шифрди чечмелөө ж-а өлчөөнүн жыйынтыгын кайра алуу анолог формасында (жебелүү электр-откоргуч прибор же осциллограф м-н) же цифра формасында (цифралуу индикатор м-н) жүргүзүлөт. Автоматтык өлчөө ж-а алынган жыйынтыкты аралыкка берүү үчүн жыштык ж-а убакыт б-ча каналдарга бөлүнгөн телеөлчөгүч система пайдаланылат.

ТЕЛЕПАТИЯ (*теле...* ж-а гр. pathos — андоо, сезим), к. *Парапсихология.*

ТЕЛЕСИГНАЛДОО — *телемеханикалын* каражаттары м-н сигналдарды аралыкка берүү; телемеханиканын бир бөлүмү; ага текшерилүүчү объектинин абалы ж-дегү дискреттүү информацияны аралыкка берүү, ал информацияны оператор түздөн түз кабыл ала тургандай башкаруучу машинага же автоматтык каттагычка берүү үчүн ыңгайлуу түргө келтирүү кирет. Т. көп учурда телебашкаруу м-н бирге колдонулат, к. *Телебашкаруу жана телесигналдоо системасы.*

ТЕЛЕСКОП (*теле...* ж-а гр. skopéo — карайм) — асман жарык чыгаруучуларына байкоо жүргүзүлүүчү астр-я-лык прибор. Оптикалык схемасы б-ча күзгүлүү *(рефлектор)*, линзалуу *(рефрактор)* ж-а *күзгү-линзалуу телескоп* болуп бөлүнөт. Т. нурланууну фотографиялык, телекөрсөткүчтүк, электрооптикалык, визуалдык (көз м-н кароо) ж. б. кабылдагыч методдорун колдонуу м-н фотографиялык, спектр-дик, фотоэлектрдик байкоолорду жүргүзүү үчүн пайдаланылат. Визуалдуу Т-тун объективи ж-а окуляры бар. Оптикалык Т-тун чоңойтуусу төмөнкүдөй: $G=F/f$, мында F ж-а f — объектив м-н окулярдын фокус аралыктары. Фотографиялык Т-тун (астрограф, астр-ялык камера) кассетасында объективи ж-а фотопластинкасы бар ж-а ал чоң фотоаппараттан көп айырмаланбайт. Объективинин диаметри $D(m)$ болгон фотографиялык Т-тун көргөзүү күчү төмөнкү формула м-н аныкталат: $m_0=22^m+1{,}25\ \lg f+2{,}5\ \lg D$. Мында t саат м-н туюнтулган экспозициянын мүмкүн болгон узактыгы. Т-тун көргөзүү күчү оптиканын сапатына, асмандын жарыктыгына, атм-ранын тазалыгына ж-а анын тынч болушуна көз каранды. Пайдаланылышы б-ча Т. астр-ялык (жылдыздарды, планеталарды изилдөөчү), күндү байкоочу, астронометриялык, спутниктүү фотокамералар *(Жердин жасалма спутниктерин* байкоо үчүн) ж-а метеорит патрулдары (метеорлорду байкоодо колдонулуучу) болуп бөлүнөт.

Ад.: Телескопы, под ред. Дж. Койпера и Б. Миддлхёрст, пер. с англ., М., 1963; Мартынов Д. Я., Курс практической астрофизики, 2 изд., М., 1967; Современный телескоп, М., 1968.


ТЕЛЕТЕРМ КЕНДЕРИ — *гидротерм кендеринин* бир түрү. 50—200°С температурадагы минералдашкан ысык суу эриндисинен жер кыртышынын анча терең эмес катмарында минералдардын пайда болушу. Т. к. көбүнчө кабат, чаңда бир өңчөй минералдардан турган тарам түрүндө жайгашат.

ТЕЛЕФИЛЬМ — *телекөрсөткүчтөн* көрүүгө ылайыкталып чыгарылган фильм. «Т.» түшүнүгү кино тартуучу аппарат аркылуу киноплёнкага тартылган фильмдерге тиешелүү, бирок азыркы кезде видеомагнитофондун жардамы м-н магнит тасмасына түшүрүлгөн магниттик видеофонограммалар да аны м-н бирдей эле маанилге ээ болуп калды. Т-ди жаратууда телекөрсөткүч экраны киноэкрандан кичине экени эске алынат. Ошондуктан Т. кинофильмден көркөм курулушу, б. а. жалпы пландын аздыгы, кадрда майда деталдар көрсөтүлбөй тургандыгы сыяктуу белгилери м-н айырмаланат. Көп жолу көрсөтүүгө ылайыкталган толук метраждуу ж-а көп сериялуу Т-дер, о. эле бир нече ирет гана көрсөтүлө турган Т-дер да болот (мис., эстрадалык мүнөздөгү телепостановка). Т-ди кинонун методдору м-н тартууда 35 же 16 *мм* өлчөмдөгү киноплёнкалар пайдаланылат. Кырг-нда Т. тартуу 1963-ж. башталган, к. *Телекөрсөтүү, «Кыргызтелефильм», Телекөрсөтүү өнөрү.*

Ад.: Толмачёв В. Б., Производство телефильмов, М., 1971.

ТЕЛЕФОН (*теле...* ж-а гр. phone — үн) — 1) электр термелүүсүн үн термелүүсүнө өзгөртүүчү электр-акустикалык прибор. Т. м-н микрофон — түз ж-а тескери өзгөртүүчү электр-акустикалык өзгөрткүч (көмүр микрофонунан башкасы). Өзгөртүү принциби б-ча Т. электр-магниттик, электр-динамикалык ж-а пьезоэлектрдик болуп айырмаланат. Конструкциясы б-ча азыркы Т-дун бардыгы капсюль түрүндө жасалып, электр-акустикалык мүнөздөмөлөрүнүн туруктуулугу, ныңдуулуктан ишенимдүү сакталуу ж-а бузулганда алмашуунун жеңилдиги камсыз кылынган. 2) Т. аппаратынын күндөлүк турмушта аталышы. 3) Сүйлөшүүлөрдө Т. аппараттын (абоненттик установкасынын) номери. 4) Телефон байланышынын жалпы кыскача аталышы.

ТЕЛЕФОН АППАРАТЫ — телефон байланышында үн, сөз информациясын берүүчү ж-а кабыл алуучу түзүлүш. Т. а. башка Т. а. м-н туташтыргыч — чакыруу-коммутация ж-а сөздөрдү берүүчү-кабыл алуучу — сүйлөшүү бөлүктөрүнөн турат. Туташтыргыч болгуч телефон станциясынын тиби б-ча (кол м-н) же автоматтык туташтыруучу телефон станция—АТС түзүлөт. АТС-тин Т. а-нда чакыруу сигналы дискалык номер тергич аркылуу берилип, звонок же лампочканын күйүшү м-н билдирилет. Сүйлөшүү бөлүгү *микрофон* ж-а *телефонду* бириктирген трубка түрүндө жасалат.



Телефон аппаратынын тышкы көрүнүшү.

ТЕЛЕФОН БАЙЛАНЫШЫ — электр сигналы же радиосигнал аркылуу сөз информациясын аралыкка берүү; *электр байланышынын* бир түрү. Бул алыс аралыктан (абоненттердин) өзөкти сүйлөшүүнү камсыз кылат. Т. б. *телефон аппаратындагы* (ТА) микрофонго айтылган сөздү электр сигналына айландырат, электр сигналы *байланыш каналы* аркылуу берилип, ал угуучу адамдын телефонунда кайра сөзгө айландырылат. Сүйлөшүүчү адамдарды бири бири м-н байланыштыруучу *телефон станциясы* жүзөгө ашырат. Т. б. жерг. (шаардык ж-а айылдык), шаар аралык, эл аралык болуп айырмаланат. Мындан башка ички ведомстволук ж-а өндүрүштүк Т. б., о. эле радио байланыштын тех. каражаттарын пайдалануу м-н ишке ашуучу кыймылдуу объектидеги (бир же эки абонент тең кыймыл учурундагы) Т. б. бар. Т. б.— байланыштын көп пайдаланылуучу ж-а оперативдүү (тез) түрү. Ал көомдук турмуштун бардык тармагында (о. ж., а. ч., мамл. башкаруу, илим, мад-т, саламаттык сактоо, тейлөө сферасы ж. б.) бири бири м-н информация алмашууну камсыз кылат. Азыркы Т. б. тех. каражаттардын жог. автоматташтырылышы ж-а универсалдуулугу м-н мүнөздөлөт. СССРде жерг. Т. б-нын автоматташтырылышы 92%, эл аралык Т. б-ныкы 34%. Т. б-нын тех. каражаттарын даярдоо — о. ж-дын тез өнүккөн тармагынын бири.

Ад.: Развитие связи в СССР, М., 1967; Автоматическая коммутация и телефония. ч. 1—2, М., 1968—69; Давыдов Г. Б., Иванова О. Н., Основные направления научно-технического прогресса телефонной связи, М., 1974.

ТЕЛЕФОНИЯ — илим м-н техниканын телефон байланышынын принциптерин изилдөөчү ж-а аларды жүзөгө ашыруучу аппаратураны иштеп чыгарууга багытталган тармагы. Т-га электр-акустикалык өзгөрткүчтөр *(микрофон* ж-а *телефон)* м-н адамдын сүйлөө ж-а угуу органдарынын өз ара аракеттенишин изилдөө, алдын ала белгиленген параметрлер (сезгичтик, жыштыктык ж-а амплитудалык мүнөздөмөлөрү, өздүк чуулардын деңгээли ж. у. с.) б-ча иштеп турган өзгөрткүчтөр м-н *телефон аппараттарын* конструкциялоо, телефондук *көп каналдуу байланыш* каражаттарын иштеп чыгуу, байланыш сапаттарын (дааналыгын, бийиктигин ж-а табигыйлыгын) баалоо критерийлерин иштеп чыгуу, *телефон станцияларынын* коммутациялык ж-а башкаруу аппаратураларын (издегич регистрлер, маркерлер ж. у. с.) конструкциялоо, о. эле телефондук тейлөөнүн санын ж-а сапатын эсепке алуу м-н телефон тармактарын долбоорлоо кирет ж-а коммутациялык аппаратуранын ишенимдүүлүгүн көтөрүү ж-а контролдоо методдорун иштеп чыгуу маселелерин карайт. Телефон техникасын өркүндөтүү маселеси сапаты жогору болгон көп каналдуу системаларды, о. эле АТС үчүн тез иштөөчү коммутациялык ж-а башкаруучу аппаратураны иштеп чыгууга байланышкан. Т-нын көп проблемаларын чечүүдө электр-динамикалык аналогдор теориясынын методдору ж-а принциптери (өзгөрткүчтөрдү эсептөөдө), түз сызыктуу ж-а түз сызыктуу эмес тизмектер теориясы (телефон аппараттарынын схемаларын ж-а АТС башкаруу схемаларын эсептөөдө), ыктымалдык теориясы, массалык тейлөө теориясы ж. б. каралат.

Ад., к. *Телефон байланышы* макаласынан.

ТЕЛЕФОНОГРАММА — телефон аркылуу берилген же кабыл алынган приказ, буйрук, өтүнүч, билдирүү ж. б. Кабыл алынып, жазылып алынган Т. документ деп эсептелинет.

ТЕЛЕФОН СТАНЦИЯСЫ — телефон тармактарындагы байланыш каналдарын коммутациялоочу тех. каражатар комплекси. Т. с. белгилүү телефон каналдарын (абоненттик ж-а туташтырылуучу байланыш линияларын) — сүйлөшүү учурунда туташтырып, бүткөндө ажыратат. Коммутациялоо жолу б-ча Т. с. кол м-н туташтырылуучу (КТС) ж-а автомат (АТС) болуп бөлүнөт. КТС телефон коммутаторлорунан түзүлүп, каналдарды телефончу-оператор туташтырат. АТС колдонулуучу коммутациялык түзүлүштөрүнө карата машиналык ж-а декадалык-арымдуу, координаталык, тез аракеттенүүчү электр-магниттик коммутациялык түзүлүштүү квазиэлектрондук, мис., геркондук реледен; электрондук, мис., жарым өткөргүчтүү приборлор аркылуу коммутациялануучу Т. с. болот. АТС-тин составына коммутациялоо системасы ж-а башкаруучу түзүлүш, телефон байланыш линияларын коммутациялоо системасына кошуп байланыштыруу үчүн кириш түзүлүштөрү, электр азыктандыргыч установка, кошумча түзүлүштөр (желдеткич, жылытыкч ж. б.) кирет.

Ад.: Автоматическая коммутация и телефония, ч. 2, М., 1969; Городские телефонные станции, М., 1974; Лившиц В. С., Мамонтова Н. П., Развитие систем автоматической коммутации каналов, М., 1976.

ТЕЛИ, темтең — сыңар туяктуулардын вирустуу ылацы. Адамга да жугушу ыктымал. Нерв системасынын иштеши бузулуп, жумуш аткаруу жөндөмдүүлүгү начарлайт. Вирустун касиетине жараша ылаңдын бир нече түрү кездешет: Борн оору-

су, амер., япониялык, СССРдеги Т. Бул ылаңдардын клиникалык белгилери окшош, бирок ылаңдаткычтар бири биринен айырмаланат. СССРде (Кырг-нда) ылаң коп жылдан бери кездешпейт. Ылаң тез отуп, дартка чалдыккан малдын көбү (80%) алгачкы 1—2 күндүн ичинде олумго учурайт. Дарттуу малдын денеси ысып, шайы кетет, баскан-турганы бузулуп, «темтеңдейт», былжыр чели саргарат. Айыккан малда узак моонотко иммунитет жаралат. Профилактика ж-а күрөш чаралары: кан соргуч курт-кумурсканы ж-а кемирүүчүлөрдү жок кылуу, ылаң чыккан чарбага карантин коюу, вирус м-н иштеген адамдарга вакцина куюу.

ТЕЛИБАЙ ТЕНТЕК — кыргыздын «Телибай Тентек» аттуу элдик жомогунун баш каарманы; ошол жомок каарманынан кылык-жоруктуу, жүрүш-туруштуу кишилерге карата айтылчу ылакап ат. Телибай — Дадаңбай деген байдын баласы. Ал акылсыз, зөөкүр болгондуктан башынан мыскылдуу окуяларды өткөрөт; атасынын мал-мүлкүн бүт жок кылып, аягында өзү олумго учурайт. Тоголок Молдо «Телибай Тентек» жомогунун негизинде поэма жазган. Анда да Телибай акылынын жоктугунан кыпкызыл ысыган ташты «алтын» деп, кучактап кармайт да, ошондон күйүп өлөт. Тоголок Молдо поэмасынын аягын: «күйүп жатып жан берди, акматы мындай ким көрдү?» деген жыйынтык м-н бүтүрөт. Жомокто да, поэмада да Т. Т-тин образы аркылуу бай-манаптын акылсыз балдары мыскылданат.

Текст: Тоголок Молдо. Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы, 1-т., Фр., 1970, 140—51-б.

ТЕЛЛУР (лат. Tellurium), Te — Менделеевдин мезгилдик системасынын VI тобундагы хим. элемент, ат. н. 52, ат. м. 127,60. 1782-ж. немец илимпозу Ф. Мюллер ачкан. Сейрек кездешүүчү элемент.

Табияттагы Т. туруктуу 8 изотоптон турат. Жер кыртышында массасы б-ча ~ $1 \cdot 10^{-7}$%. Т.— ак түстөгү жалтырак металл, тыгыз. 6,25 $г/см^3$; эрүү t 450°С, кайноо t 990+1°С. Бирикмелеринде —2, +4, +6, кээде +2 валенттүү. Т. кычкылтек м-н кычкылдарды (TeO, TeO_2, TeO_3), суутек м-н ысытууда биригип теллур-суутекти H_2Te, галогендер м-н оңой кошулуп, TeX_2, TeX_4, TeX_6 тибиндеги галогениддерди пайда кылат. Рудадан жез, коргошун, цинк өндүрүүдө Т. кошо алынат. Т. коргошун, чоюн ж-а болоттун куймаларына алардын касиетин жакшыртуу үчүн кошулат, күрөң ж-а кызыл айнек, эмалды чыгарууда, о. эле жарым өткөргүч техникасында пайдаланылат.

ТЕЛЛУРИДДЕР — *теллурдун* оң электрдик элементтер м-н бирикмелери; суутектүү теллур к-тасынын H_2Te туздары. Жегич металлдар теллур м-н сууда эригич Т-ди пайда кылат. Мезгилдик системасынын IV—VIII тобундагы металлдардын Т-и сууда эрибейт, күчтүү кислоталарда ажырайт. Т. жаратылышта минералдар түрүндө кездешет. Негизги минералдары: алтаит PbTe, теллур-висмутит Bi_2Te_3, калаверит $AuTe_2$, гессит Ag_2Te ж. б. Т. фотоэлементтерди даярдоодо, термогенераторлордо, теллурду алууда ж-а жог. темп-рага чыдамдуу майлагыч катары ж. б-да колдонулат.

ТЕЛЛУРИЙ (лат. telluris — Жер дегенден) — Күндү айланта Жердин жылдык кыймылын, о. эле Жердин өз огундагы суткалык айланышын даана көрсөтүүчү прибор. Т-де Жер деп элестетилген кичине шарча Күн делинген чоң шардын же кандайдыр бир жарык булагын (мис., рефлектордук лампаны) тегеренип жылып турат. Андан тышкары Жер-шарча өз огунун айланасында жантайышып өзгөртпөй айланат. Кээде Т-де кичине шарча Жерди айланып турган Айды да элестетет.

ТЕЛУГУЛАР, андхра — Түш. Индиядагы элдердин бири. Саны 53 млн-го жакын адам (1975). Дравид тобуна кирген телугу тилинде сүйлөшөт. Т-дын этногенезинин негизин андхра, калинга, телугу уруулары түзгөн. Будда ж. б. ад-ттарга караганда б. з. ч. 1-миң жылдыктын ортосунда Т. ж-а калинга уруулары Индияның түндүгүнөн түштүгүнө ооп, б. з. ч. 2-к.—б. з. 3-к-нда бир элге айланган. Т-дын байыркы мамлекети б. з. ч. 3-к-да Маурья империясына караган. 4-к-да Т. алгачкы феод. империя Гуптага кирген. Колон. Индияда Т. ар кайсы райондордо жашаган. 1956-жылдан Индиянын Андхра-Прадеш штатына бириккен. Т-дын улуттук мад-ты пайда болуп, өнүгүүдө.

ТЕЛҮҮ — жетим, энеси арык-торук төлдү башка саан малга жалгап эмизүү.

ТЕЛЬ-АВИВ — Израиль мамлекетинин башкы экономикалык жана маданий борбору, шаар. Калкы 358 миң (1974). Темир ж-а автомобиль жолдор тоому, порт. Эл аралык аэропорту бар. Т.-А-де олкодогу о. ж. ишканаларынын 50% жайгашкан. Машина куруу, металл иштетүү, химия, фармацевтика, текстиль, тамак-аш, кагаз, булгаары бут кийим, полигр. ж. б. өнөр жай тармактары бар. Алмаз иштетүүнүн ири борбору. Ун-ти бар. Т.-А. 1909-ж. негизделген.

ТЕЛЬМАН Эрнст (16. 4. 1886, Гамбург — 18. 8. 1944, Бухенвальд концлагери) — Германияның ж-а эл аралык жумушчу кыймылынын ишмери. 1893—1900-ж. элдик мектепте окуган. 1923-жылга чейин транспортто жумушчу. 1903-жылдан Германия с.-д. партиясына, 1904-жылдан транспорт жумушчуларының профсоюзуна мүчө. Биринчи дүйн. согуш (1914—18) мезгилинде фронттогу солдаттар арасында рев-ячыл ишт жүргүзүп, с.-д. партиядагы шовинизмге сокку урган. 1917-ж. с.-д. партиядан Көз карандысыз с.-д. партияга, 1920-ж. Германия компартиясына (ГКП) өтүп, аның Гамбург ш-ндагы уюмун жетектеген. 1923-ж. ГКПнин Борборуна (кийинчерээк БК) шайланган. 1921-ж. жайында Коминтердин 3-конгрессине катышып, В. И. Ленин м-н жолукkан. Т. кийин *Гамбург көтөрүлүшү (1923)* жетектеген. 1925-жылдын апрелинде ГКП БКнын пред-лдигине шайланып, аны марксчыл-ленинчил партияга айландырууга аракеттенген. 1925-жылдын башында ГКП түзгөн «Кызыл фронтчулар союзун» жетектеген. 1924—28-ж. Коминтердин Аткомуна мүчөлүккө кандидат, 1928—43-ж. ага мүчө. Коминтердин 5—6-конгрессте-рине ж-а аның Аткомунун 1926—32-жылдардагы бардык пленумдарына катышкан. Т. 1924—33-ж. Рейхстагга депутат. 1925, 1932-жылдардагы президенттикке шайлоодо ГКПден кандидаттыкка көрсөтүлгөн. Германияда фашизмге каршы активдүү күрөшкөн. Бийликке гитлерчилер келгенде 1933-ж. 3-мартта камалып, Берлиндеги Маобит (1933—37), Ганновердеги (1937—43), Бауценде-ги (1943—44) түрмөлөрдө болгон. 1944-ж. фашисттердин Бухенвальд концлагеринде жырткычтык м-н өлтүрүлгөн.



Э. Тельман.

Чыг.: Избр. статьи и речи, т. 1—2, М., 1957—58.

Ад.: Давидович Д. С., Тельман. Страницы жизни и борьбы, 2 изд., М., 1971.

ТЕЛЬМАН, Котур-Каман — Ош обл-ның Сузак р-нундагы Ленин айыл советине караштуу кыштак. Тайгараев атн. с-здун айматында. Райондун борбору Сузактан 16 *км* түн.-чыгыш таранта. Жалал-Абад т. ж. станциясынан 8 *км*. Калкы 555 (1979).

ТЕЛЬМАН — Ош обл-ның Ноокат р-нундагы Кыргыз-Ата айыл советине караштуу кыштак. Тельман атн. к-здун аймагында. Кыргыз-Ата тоосунун этегинде. 1951-ж. Ак-Булак ж-а Токмок-Булак кыш-тары биригип азыркыча аталган. Райондун борбору Эски-Ноокаттан 10 *км* түш. таранта. Кызыл-Кыя т. ж. станциясынан 60 *км*. Калкы 2140 (1978). Сегиз жылдык мектеп, клуб, медпункт, 2 китепкана бар.

ТЕЛЬМАН, Сарылар — Ош обл-ның Кара-Суу р-нундагы Сарай айыл советине караштуу кыштак. Киров атн. к-здун аймагында. Райондун борбору ж-а т. ж. станциясы Кара-Суу ш-нан 2 *км* түш.-батыш таранта. Ош — Фрунзе автомобиль жолунун боюнда. Калкы 1725 (1979). Сегиз жылдык мектеп, китепкана, медпункт бар.

ТЕЛЬМАН, Сары-Таш — Ош обл-ның Совет р-нундагы Кара-Кулжа айыл советине караштуу кыштак. «Совет» с-зунун аймагында. Райондун борбору Кара-Кулжадан 2 *км* түш.-батыш таранта. Кара-Суу т. ж. станциясынан 100 *км*. Калкы 2013 (1979). Орто мектеп, клуб, китепкана медпункт бар.

ТЕЛЬМАН, Токтор — Панфилов р-нундагы Орто айыл советине караштуу кыштак. Тельман атн. с-здун борбору. Чолок суусунун боюнда. Чолок-Кайыңды тоосунун этегинде. Райондун борбору Кайыңдыдан 18 *км* түш. таранта. Кайыңды т. ж. станциясынан 17 *км*. Калкы 1339 (1979). Орто мектеп, китепкана ж. б. бар.

ТЕЛЬМАН — Ысык-Ата р-нундагы Сынташ айыл советине караштуу кыштак. «Сынташ» к-зунун аймагында. Райондун борбору Ивановкадан 18 *км* түш. таранта. Ивановка т. ж. станциясынан 14 *км*. Калкы 1050 (1979). Орто мектеп, китепкана, клуб, медпункт бар. 1925-ж. орношкон.

ТЕЛЬФЕР (гр. tele — алыс ж-а phéro — алып жүрөм) — лебёдкадан ж-а кол же электр м-н кыймылга келтирилүүчү жүргүзгүч болуктон турган жүк көтөргүч түзүлүш. Т. бир рельстүү асма жол м-н жүрөт; цех ичинде пайдаланылат; жүк көтөрүмдүүлүгү 1—5 *т*.

ТЕЛЬ-ЭЛЬ-АМАРНА — Нилдин (Египет) чыгыш жээгиндеги тургун журт чалдыбары, арх-ялык казуу жүргүзүлүп жаткан аймак, к. *Эль-Амарна*.

ТЕЛЬ-ЭЛЬ-АМАРНА АРХИВИ, Амарна архиви, Эль-Амарна архиви — египет фараондорунун 18-династиясынын 1887-ж. Эль-Амарнада жерг. калк ташкан архивинин илимдеги аты. Архивде *аккад тилинде* жазылган шынаа таблицалар сакталган. Анда Ассирия, Вавилония падышаларынын ж-а Египетке коз каранды Сирия, Палестина бийлөөчүлөрүнүн фараондор Аменхотеп III м-н Аменхотеп IVгө жазган дипл. каттары бар. Бул архив — Египет ж-а б. з. ч. 15-к-дын 2-жарымы — 14-к-дын башындагы Ж. Чыгыштын башка өлкөлөрүнүн тарыхы б-ча маанилүү булак. Таблицалардын көбү (194) Берлинде (ГДР), калганы — Британ, Каир, Оксфорд музейлеринде, Лувр, Эрмитаж ж-а А. С. Пушкин атн. Сүрөт өнөр музейинде сакталууда.

ТЕМА (гр. théma — негизги ой) — 1) изилдөөнүн, дискуссиянын предмети; 2) көркөм чагылдыруунун объектиси, жазуучунун ою м-н бирге ишке ашчу турмуш көрүнүштөрүнүн тобу. Чагылдырылган көрүнүштөрдүн идеялык ой м-н байланышы Т-ны чыгармanын проблемасы, *идеясы* катары кароого негиз түзөт. Адатта Т. *образ* м-н *сюжеттен* сыртқары жашабайт. Т-ны турмуштук, тарыхый, сүйүү ж. б. деп бөлүштүрүүгө болот.

Муз. чыгарманын же анын бир бөлүмүнүн негизги ой-максатын билдирет. Муз. Т.— обон м-н образ түзүүнүн негизги каражаты. Полифониялык чыгарларда Т. көбүнчө кыска (1—4 такт), гомофониялык чыгарларда муз. Т. узунураак (8—16) болот. Т.— опера, балет, муз. драма сыяктуу көлөмдүү чыгарларда бул же тигил каармандын белгилүү бир оюн, идеясын, мүнөзүн, образын берүүчү маанилүү элемент.

ТЕМБР — добуштун сапаты (аның кооздугу, мүнөзү). Ал түрдүү аспаптарда же түрдүү үн м-н аткарылган белгилүү бир бийиктиктеги добуштарды ажыратууга мүмкүндүк берет. Т. добуш термелүүлөрүнүн формаларына байланыштуу болот. Т-ге муз. аспаптын жасалуу теги, формасы, добуш чыгаруу ыкмалары ж. б. таасир этет. Т-дин жардамы м-н сүйлөө интонациясында кубануу, наараазылык, коркутуу жышааның билдирүүгө да болот.

ТЕМГИЛДҮҮЛҮК (а. ч. өсүмдүгүндө) — өсүмдүктүн сабагында, жалбырагында, мөмөсүндө өлүү клеткалардан пайда болуучу темгилдүү илдет; коп учурда некроз болот. Ал өсүмдүккө азык зат жетишпегендиктен, аба булгангандан, күйүктөн, патогендүү козу карын ж-а бактерия илдетинен пайда болот. Т-түн козогучу ткандын арасына тарап, өсүмдүктө мех. ж-а хим. тоскоолго учурайт. Мех. тоскоолдо соо ж-а бузук ткандын ортосуна катуу катмар түзүлөт да, инфекциянын таратпайт. Хим. тоскоолдо илдеттүү ж-а таза ткандын ортосунда митенин уулуу заты топтолот. Өсүмдүктүн коргонуу реакциясы күчтүү болсо, илдет козогуч оспейт, өсүмдүкко бир аз темгил түшөт. Патогендүү козу карын Т-үндө өсүмдүктү ар кыл түстүү ж-а формалуу кургак темгил басат. Илдет күчөгөндө өсүмдүктүн жалбырагы, мөмөсү күбүлүп, сабагы солуп баштайт. Түшүм азаят. Күрөш чаралын, к. *Өсүмдүктүн бактериялуу илдети, Өсүмдүктүн вирус илдети, Өсүмдүктүн мите козу карын илдети.*

ТЕМЕН-СУУ — Москва р-нундагы Ак-Суу айыл советине караштуу кыштак. Карл Маркс атн. к-здун аймагында. Ак-Суу суусунун боюнда. Райондун борбору Беловодскийден 18 *км* түш. таранта. Беловодский т. ж. станциясынан 16 *км*. Калкы 1620 (1979). Орто мектеп, клуб, оорукана, медпункт, быштак (сыр) жасоо цехи бар.

ТЕМЗА — Улуу Британиядагы эң ири дарыя. Уз. 334 *км*, алабынын аянты 15,3 миң $км^2$. Котсуолд дөңсөөсүнөн башталып, Түн. деңизге куят. Жазылыгы Лондондо 200—250 *м*. Чатында жазылыгы 16 *км* келген эстуарийди пайда кылат. Жамгыр суулары-нан куралат. Кышында кирип, жайында тартылат. Орт. чыгымы төмөнку агымында 260 $м^3/сек$. Лечлейд ш-на (чатынан 311 *км* аралыкка чейин анча чоң эмес баржа, Тилбери ш-на) чейин океан кемеси жүрөт. Жээгинде Лондон, Оксфорд, Реддинг ш-лары жайгашкан.

ТЕМИН БАСТЫРУУ, кырман басуу — бышып жетилген эгиндин даны унаа (ат, өгүз, эшек) м-н тебелетип, бакалыпан ажыратып алуу ыкмасы. Т. б. үчүн кырмандын ортосуна чамберек кийгизилген мамы орпотулуп, орулган эгин (арпа, буудай, таруу, конок ж. б.) кырманга чачылгандан кийин үстүнөн 3—4 унаа кошоктолуп, тегерете айдалган. Кийинчерээк эгинди бастырууну тездетүү үчүн *моло таш* колдонула баштаган.

ТЕМИР (лат. Ferrum), Fe — Менделеевдин мезгилдик системасынын VIII тобундагы хим. элемент; ат. н. 26, ат. м. 55,847; жалтырак, ак металл. Туруктуу 4 изотоптон турат. Т. илгертен белгилүү болуп, коомдун материалдык мад-тынын өсүшүндө чоң роль ойноп, азыркы техниканын негизин түзөт. Литосфера массасынын 4,65%ин түзүп, металлдардын ичинен алюминийден кийинки 2-орунда. Аның кристаллдык торчосу 2 (α ж-а β) түр өзгөрүштө болот. Физ. касиети тазалыгына байланыштуу; составындагы азот, көмүртек, кычкылтек, суутек, күкурт ж. б. эң аз концентрацияда болсо да металлдын касиетин абдан өзгөртөт. Бул аралашмалар массасы б-ча 0,01%тен аз болгондо Т-дин эрүү t 1539°С, кайноо t 3200°Сге жакын, тыгыз. 7,874 $г/см^3$ (20°С), жылуулук өткөргүчтүгү 0,177 $кал/см \cdot сек \cdot град$ (25°С), катуулугу Бринель б-ча 35—45 $кгс/мм^2$, үзүлүү бышыктыгы 17—21 $кгс/мм^2$.

Т. өзгөрүлмө валенттүү; 2 ж-а 3 валенттүү Т-дин бирикмелери туруктуураак. Кычкылтек м-н темир кычкылдарын, галогендер м-н реакцияга оңой кирип, мис., хлориддерди $FeCl_2$, $FeCl_3$, күкурт м-н ысытканда кошулуп, сульфиддерди FeS, FeS_2 пайда кылат. Карбиддерди ж-а нитриддерди катуу эритмесинен алынат. Кремний ж-а фосфор м-н ысытканда кошулуп, силициддер ж-а фосфиддер пайда болот. Т. кислоталарда эрийт: комплекстүү бирикме берет. Таза Т. туздарынын суу эритмесин электролиздөө же кычкылдарын ж-а Т. рудаларын калыбына келтирүүдөн алынат. Т. көбүнчө техникада куйма түрүндө колдонулат. Кеңири белгилүүлөрү — көмүртек, хром, никель ж. б-лар м-н болгон куймалар, к. *Болот, Чоюн, Домна өндүрүшү, Мартен өндүрүшү.*

Т. бардык өсүмдүк ж-а айбандардын организминде болуп, кычкылтек алмашуу ж-а кычкылдануу процесстерине катышат.

Ад.: Общая металлургия, М., 1967; Некрасов Б. В., Основы общей химии, т. 3, М., 1970.

ТЕМИР, к. *Тимур.*

ТЕМИРБЕКОВ Марлен (15. 11. 1933-ж. т., Фрунзе ш.) — кыргыз совет опера ырчысы (лирикалык баритон). Кыргыз ССР эл арт. (1976). 1965-жылдан КПСС мүчөсү. П. И. Чайковский атн. Москва мамл. консерваториясын



М. Темирбеков.

В. Ф. Кариндин классы б-ча (1958) бүткондон Кыргыз мамл. академиялык опера ж-а балет театрынын солисти. Ал дүйн., совет ж-а кыргыз композитор л о р у нун операларынан Онегин, Елецкий, Роберт (П. Чайковский, «Евгений Онегин», «Карга маткеси», «Иоланта»), Валентин (Ш. Гуно, «Фауст»), Фигаро (Ж. Россини, «Севильялык чач тарач»), Чубак, Канчоро (В. Власов, А. Малдыбаев, В. Ферс, «Манас», «Айчүрөк»), Жакып кан, Даниар (М. Раухвергер, «Көкүл», «Жамыйла») ж. б. партияларды аткарган. 1967-жылдан Б. Бейшеналиева атн. Иск-во ин-тунда му-




Ж. Россини. «Севильялык чач тарач». Фигаронун ролунда — М. Темирбеков.

галим. Сов. Союзунун шаарларында, чет өлкөлөрдө гастролдо болгон. Медаль м-н сыйланган.

ТЕМИР-БЕТОН — бетонго болот арматура уютулуп бириктирилген ж-а экөөнө тең бирдей күч келе турган курулуш материалы. Т.-б-до бетон кысуу күчүнө, ал эми болот арматура керүү (чоюу) күчүнө туруштук берет. Каспеттери ар түрдүү материалдардын бири бирине айкалыштырылып уютулуп бириктирилиши өте патыйжалуу болот. Каткан бетон болот арматураны бекем кармап, коррозиядан сактайт. Алардын физ.-мех. каспеттери жылуулуктан ж-а сууктуктан дээрлик өзгөрбөйт.

ТЕМИР-БЕТОН КОНСТРУКЦИЯЛАРЫ — имараттар м-н курулмалардын *темир-бетондон* даярдалган элементтери. Т.-б. к-нын тех.-экон. көрсөткүчтөрү жогору болуп, бекемдикти сактоо м-н керектүү формага ж-а өлчөмгө оңой эле келтириле тургандыгы аны курулуштун бардык тармагында кеңири колдонулушун шарттады. Азыркы Т.-б. к. даярдалышы (туташ, курама, курама-туташ), даярдоодо колдонулуучу *бетондун* түрү (оор, жеңил, ысыкка чыдамдуу ж. б.), чыңалган абалынын түрү (кадыресе ж-а алдын ала чыңоо) б-ча бөлүнөт.

Туташ Т.-б. к. курулуш аянттарында даярдалып, стандарттуу өлчөө-ж-а элементтери аз кайталанып, өзгөчө көп күч келе турган *(фундамент*, каркас ж-а көп кабаттуу ө. ж. имараттарды, суу тех., транспорттук ж. б. курулмаларды жабуу) имараттарда ж-а курулмаларда колдонулат. Курама Т.-б. к. курулуштун ар түрдүү тармагында — гражд. турак-жай, ө. ж., айыл чарба ж. б-да колдонулуучу конструкциялардын негизги түрү. Анын туташ конструкцияларга караганда бир кыйла артыкчылыгы курулушту индустриялаштырууда кеңири мүмкүнчүлүктөрго ээ: чоң өлчөмдөгү темир-бетон элементтерди колдонуу имараттардын ж-а курулмалардын негизги бөлүгүн заводдо даярдоого шарт түзөт, курулуштун бүтүү мөөнөтүн тездетет, буюмдун сапатын жакшыртып, баасын арзандатат. Курама-туташ Т.-б. к.— түзүүчүлөрүнүн бардык болуктөрүнө бирдей күч келе тургандай болуп, курама элементтердин (темир-бетон колоннасы, плита ж. б.) туташ бетон м-н айкалышы. Ал көп кабаттуу имараттарды жабууда, *көпүрө* ж-а жол өткөрүлүүчү көңдөйлөрдү курууда колдонулат. Анын негизги артыкчылыгы — бекемдиги, болоттун аз чыгымдалышы. Т.-б. к-нын көп бөлүгү көлөмдүк массасы 2400 *кг/м*³ болгон оор бетондон жасалат. Өтө бекем 600—800 маркасындагы оор бетондон ж-а 300—500 маркасындагы жеңил бетондон жасалган көтөрүп турма (күч келүүчү) конструкциялар келечекте кеңири пайдаланылат. Т.-б. к. негизинен өзүнчө стержень ширетилген торчо түрүндөгү ийилгич арматурадан ж-а жалпак каркастардан жасалат. Ал курулушта кеңири колдонулуп, башка материалдарга караганда экон. жактан үнөмдүү. Т.-б. к. азыркы архраны байытып, жерди, мейкиндикти туура пайдалануу м-н бирге эстетикалык талаптарга жооп берүүгө мүмкүндүк берет.



Темир-бетон каркастуу бир кабат өнөр жай имаратынын схемасы: *1* — ички колоннанын фундаменттери; *2*— тышкы катардын колоннасы; *3*— төшөгүч; *4*—фундамент балкасы; *5* — дубал плиталары; *6* — колонна таянычтары; *7* — кран алдында төшөлүүчү балка; *8* — жабуу плиталары; *9* — жабуу устундары; *10* — ички колонналар.

Ад.: Сахновский К. В., Железобетонные конструкции, 8 изд., М., 1959; Якубовский В. В., Железобетонные и бетонные конструкции, М., 1974.

ТЕМИР-БЕТОН НОО — сугат тармагындагы курулуш; жасалма арык, чакан канал. Ноонун түбү м-н эки капталы туташ темир-бетондон жасалат. Ар болугүнүн уз. 2—8 *м*, теренд. 40—160 *см* болот да, бири бирине туташтырылып, атайын ача мамыга орнотулат. Мындай ноо-канал СССРде 1952-ж. Грузияда курулган. Көбүнчө ташгак жерге салынат да, суу көп коромжуга учурабайт. Кырг-нда да Т.-б. н. кеңири колдонулат, к. *Ноо.*

ТЕМИР ДООРУ — арх-ялык мезгилге болуштүрүү б-ча алгачкы коом тарыхынын үчүнчү, акыркы мезгили. Эмгек куралынын негизги материалы — темирдин (таш м-н колону алмаштырган) атынан аталган. Т. д-н ил. жактан Дания археологу К. Ю. Томсен 19-к-да негиздеген. Алгач адам метеорит темирди пайдаланган. Б. з. ч. 2-миң жылдыкта темирди кенден алуу ыкмасы пайда болуп, ал б. з. ч. 15-к-да Арменнядагы урууларга тараган. Б. з. ч. 11-к-да Палестина, Сирия, К. Азия, Закавказьеде ж-а Индияда темирден эмгек ж-а согуш куралдары жасала баштаган. Кийин темир иштетүү Европа, Африка өлкөлөрүнө тараган, Америка, Австралияга ж-а Тынч океандын көп аралдарына темир европалыктардын келиши м-н (16—17-к.) белгилүү болгон. Т. д. алгачкы жамаат коомдо жашаган урууларда гана болгон. Ал эми коло доорунда калыптанган кул ээлик мамлекеттер Т. д-н басып өткөн эмес. Т. д. түшүндө Европа м-н Азиянын бир катар урууларында алгачкы жамаат коомдук түзүлүштөн таптык коомго өтө баштаган. Бул процесстин бүтүшү м-н Т. д. да аяктаган (ар кыл элдө ар кайсы убакта). СССРдин азыркы аймагында Т. д. б. з. ч. 2—1-миң жылдык чегинде башталып, б. з. ч. 8—7-к-да темир иштетүү анын бардык аймагына тараган. О. Азия м-н Каз-ндын сак, усунь урууларында темирди б. з. ч. 1-миң жылдык ортосунан кеңири колдоно баштаган.

Ад.: Энгельс Ф., Үй-бүлөнүн, жеке менчиктин жана мамлекеттин келип чыгышы, Фр., 1968; Авдусин Д. А., Археология СССР, М., 1967; История СССР с древнейших времён до наших дней, т. 1, М., 1966.

ТЕМИР ЖОЛ—поезд жүрүүчү рельстүү жол; жүргүнчү ж-а жүк ташуучу бардык тех. каражаттары бар комплекстүү транспорттук ишкана. Т. ж-дун негизги тех. каражаттары: ыкымылдуу состав (локомотив ж-а вагон), рельс жолу, жасалма курулмалар *(көпүрө, эстакада,* впадук), станциялар ж-а түйүндөр, автоматика ж-а телемеханика каражаттары (сигналдаштыруу, борбордоштуруу ж-а блокировка), имараттар (депо, мастерская, вокзалдар) ж. б. Т. ж. аралыпы б-ча: жалпы пайдаланылма; ө. ж. транспорту (ө. ж. ишканаларынын ж-а үюмдарынын негизги жолго кошулуучу тармагы), анын ичинде карагай, тоо-кен ташуучу, заводчу барчу ж. б. жолдор; шаар жолдору

(трамвай ж-а *метрополитен);* колеянын эни б-ча — кең ж-а куш колеялуу; тартуу күчүнүн түрү б-ча — электрдик, дизелдик *(тепловоз),* газ турбиналуу ж-а буу ыкымылдаткычтуу болуп айырмаланат. СССРде жүк көп ташылуучу жерлерде электр энергиясы колдонулуп, ага бардык Т. ж-догу жүк ташуунун жарымы, бардык Т. ж. узундугунун 30%-тен ашыгы туура келет. Калган болүгүн негизинен тепловоз ташыйт. Т. ж. ишмелин чыккан бардык электр энергиянын 6%-ке жакынын ж-а өлкөдө өндүрүлгөн дизелдик отундун 16%-ин керектейт. СССР Европа ж-а Азиянын 25 өлкөсү м-н 30дан ашык эл аралык жүргүнчү линиялары аркылуу байланышкан. Жалпы пайдалануудагы Т. ж. тармагынын уз. 137 миң *км*, негизги жолго кошулуучу тармактардыкы — 86 миң *км* (1974). Кырг-нда Т. ж. тармагынын уз. 371 *км*ди түзөт. Респ-канын эл чарба жүгүнүн 3%-тейн Т. ж. м-н ташылат.

Ад.: Транспорт СССР, под ред. А. Л. Голованова, М., 1967; Железные дороги, под ред. М. М. Филиппова, М., 1968.

ТЕМИР ЖОЛ АВТОМАТИКАСЫ ЖАНА ТЕЛЕМЕХАНИКАСЫ — техникалык автоматтык-телемех. башкаруу методдору ж-а каражаттары м-н темир жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуучу тармагы. Негизги элементтерине сигналдаштыруунун, борборлоштуруунун ж-а блокировкалын (СББ) курулуштары ж-а түзүлүштөрү кирет. СББнын составына жол блокировкасы, электр жезл системасы, багыттама (стрелка) м-н сигналды борборлоштуруу, вагон бөлүштүрүүнүн автоматика ж-а телемеханика түзүлүштөрү, поезд кыймылын автомат жөнгөгүч, диспетчердик борборлоштуруу, поезд кыймылына автоматтык түрдө диспетчердик контролдук кылуу ж-а т. ж. өткөөлдөрүндөгү госмолор кирет. «Жол блокировкасы» — жолдордун айрым участкаларында поезддин туруп калышын туруктуу сигналдар м-н жөнгө салуучу система. Электр жезл системасы жолдогу поезддн куун өтүүнү ж-а эки жактуу кыймылды жөнгө салууда колдонулат. Багыттама м-н сигналды борборлоштуруу түзүлүштөрү т. ж. станциясы чегиндеги поезддердин кыймылын жөндөп, коопсуздугун камсыз кылат. Бул түзүлүштөр борборлоштуруучу бир пунктан багыттамалар м-н сигналдарды башкарууга мүмкүндүк берет.

ТЕМИР ЖОЛ ВОКЗАЛЫ —т. ж. транспорту токтоочу жердеги жүргүнчүлөрдү тейлөө, поезддердин кыймылын башкаруу ж-а кызматчыларды жайгаштыруучу курулма, имарат жө имараттар комплекси. Т. ж. в-нын негизги имараты операциялык (вестибюль, касса залы, маалымат берүү, жүк алып-бергич жай, почта-телеграф ж. б.), күтүү ж-а кирип-чыккандарды тейлөө (залдар ж-а узак өс алуучулар болмосу, балалуу өнөлөр бөлмөсү,



Фрунзе ш. Темир жол вокзалы.


ресторан ж-а кафе ж. б.), кызматчы (тех. ж-а жардамчы имараттар зонасы) зоналарынан турат. Т. ж. в-ндагы үзгүлтүксүз көбөйгөн жүргүнчүлөрдү тейлөөнү тартипке салуу ж-а башка транспортко түшүү шартын жеңилдетүү үчүн башка транспорт имараттары кошулат.

ТЕМИР ЖОЛ СТАНЦИЯСЫ — т. ж. транспортунун жүргүнчү м-н жүктү жөнөтүп, кабыл алууну уюштура турган негизги ишканасы. Т. ж. с. поезддн кабыл алат, жөнөтөт, жүргүнчүлөрдү тейлейт, жүктү кабыл алат, поезддге жүктөйт, түшүрөт ж-а ээсине берет, ал эми жөнөтүп, кабыл алууда поезддерди чиркейт, ажыратат. 70-жылдардын башында СССРде 11 миң Т. ж. с. болгон. Иштин талабына жараша Т. ж. с. орто аралык, участкалык, сорттогуч, жүк ж-а жүргүнчү, ал эми иштин көлөмү ж-а татаалдыгы б-ча класстан тышкаркы ж-а 1—5-класстагы Т. ж. с. болуп бөлүнөт.

ТЕМИР ЖОЛ ТООМУ — бир нече т. ж. линиясынын кесилишиндеги ар түрдүү тех. курулмалардын ж-а түзүлүштөрдүн татаал комплекси жайгашкан пункт. Т. ж. т-нун негизги курулмалары: сорттогуч, жүктөгүч ж-а жүргүнчү станциялары, станцияларды туташтыруучу т. ж. жүргүнчүлөр имараты, депо, тех. ремонт станциясы ж. б. Азыркы Т. ж. т. темир жол автоматикасы жана телемеханикасы түзүлүштөрү, электрондуу эсептегич техника м-н жабдылган. Т. ж. т. аткарган иши б-ча: транзиттүү ж-а акыркы болуп бөлүнөт. Ал өз ара технол. байланыштагы бир же бир нече станциядан турат. Станциялардын жайгашуусу кайчы, үч бурчтук, жарыш, айкалышкан, шакек формасында ж. б. болушу мүмкүн.

ТЕМИР-КАНАТ — Ысык-Көл обл-ныи Тоң р-нундагы Төрткүл айыл советине караштуу кыштак. «Төрткүл» к-зунун аймагында. Жер-Үй өрөөнүндө. Райондун борбору Бөкөнбаевден 27 *км* түш. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 112 *км*. Калкы 829 (1979). Орто мектеп, китепкана, медпункт бар. Т.-к. 1936-ж. орношкон.

ТЕМИР КОМУЗ — кыргыздын улуттук тилдүү, какма муз. аспабы. Уз. 7—7,5 *см*. Темир, жез, күмүш ж. б-дан жасалат. Темирди көөкөр формасында пйип, ортосуна болоттон тил жасайт. Аспапты мандайкы тиштерге кычып, оң колдун сөөмөйү м-н тилин кагып күү чыгарылат. Ал дүйнөнүн көп элдеринде тараган. Мис., варган (орус), дрымба (украин, белорус, молдаван), пармупилль, суупиль (эстон), варгас (литва), хуур, аманхуур (монгол), шын кобыз (каракалпак) ж. б. Т. к-ду көбүнчө кыз-келиндер, кай бир элде балдар ж-а эркектер да



кагышат. Т. к. кыргыз элинде байыртан белгилүү, көп күүлөр чыгарылган. Элдик обондор м-н классикалык күүлөр да аткарылат («Тагылдыр тоо», «Керме тоо», «Карача торгой», «Жортуул күү», «Турумтай», «Күйгөн», «Кызыл гүл» ж. б.).


ТЕМИР КОМУЗЧУЛАР АНСАМБЛИ — Токтогул Сатылганов атн. Кыргыз мамл. филармониясынын темир комуз күүлөрүн аткаруучу чакан муз. коллективи. Алгач (1939) Адамкалый Байбатыров, кийин (1951) Т. Тыныбеков уюштурган. Т. к. а. жаштардын респ-калык, бүткүл союздук ж-а бүт-



Темир комузчулар ансамбли. 1956.

күл дүйп. (алтынчы) фестивалдарына катышкан. Ансамблдин репертуарында элдик обон-күүлөр ж-а А. Байбатыровдун, Т. Тыныбековдун күүлөрү («Тагылдыр тоо», «Короо четинде», «Пахтам» ж. б.) бар.

ТЕМИР-КӨМҮРТЕКТҮҮ КУЙМА — негизи темир болгон көмүртектүү темир куйма. Куйманын составын ж-а структурасын өзгөртүп, ар түрдүү каспеттеги Т.-к. к., б. а. универсал материал алынат. Изилдөө максатында өтө аз өлчөмдө алынган таза Т.-к. к. ж-а тех. Т.-к. к. *болот* (С 2%ке чейин), *чоюн* (С 2%тен ашык) болуп бөлүнөт. Тех. Т.-к. к.— кадимки, легирленүүчү ж-а модификациялануучу болуп бөлүнөт. Көп учурда болот м-н чоюндун түзүлүшүн ж-а касиетин Fe — С системасы аныктайт. Түрдүү составдагы ж-а темп-радагы Т.-к. к-ным фазалык абалдары стабилдүү (1-*а* сүрөт) ж-а метастабилдүү (1-*б* сүрөт) тең салмактуулуктун диаграммалары м-н түшүндүрүлөт. Стабилдүү



Темир-көмүртектүү куйманын абалынын диаграммасы: *а* — стабилдүү тең салмактуулук; *б* — метастабилдүү тең салмактуулук.

абалдагы Т.-к. к-да көмүртектин суюк эритмеси темирде (ж), темирдин полиморфтук модификацияларында көмүртектин катуу үч эритмеси — α-эритме, γ-эритме, δ-эритме ж-а графит (Г) кездешет. Метастабилдүү абалдагы Т.-к. к-да *ж*, α-, γ-, δ-эритмелери ж-а темир карбиди Fe_3C — цементит (*Ц*) кездешет. Көз бир шарттарда Т.-к. к. үч фазада да тең салмактуу абалда болушу мүмкүн. Т.-к. к-ным түзүлүшү анын составы, катууланууу шарты ж-а катуу абалдагы структуралык өзгөрүшү м-н аныкталат.

Көмүртектин санына жараша Т.-к. к. болот ж-а чоюн болуп бөлүнөт. Катууланган Т.-к. к-ным түзүлүшү муздатканда өзгөрөт. Бул өзгөрүү темирдин полиморфтуу айланышы; андагы көмүртектин эригичтигинин азайышы, цементиттин графиттенүүсү м-н түшүндүрүлөт. Т.-к. к-ным түзүлүшүн ар кандай өзгөртүүгө болот. Т.-к. к-ным структурасын башкаруунун негизги методу — анын хим. составын, катууланууу шартын, ийилүү деформациясын, термиялык ж-а жылуулук мех. иштетүүсүн өзгөртүү. Кристаллдын фазалык составын, чөндүгүн, формасын, бөлүнүшүн ж-а андагы дефектилерди өзгөртүү м-н Т.-к. к-ным каспеттерин да кеңири өзгөртүүгө болот. Мис., Т.-к. к-ны пайдалануда маанилүү мех. касиеттери төмөнкү чекте өзгөрөт: катуулугу 60тан 800 *НВге*; бышык. $2 \cdot 10^4 - 3{,}5 \cdot 10^6$ *н/см²* ($2 \cdot 10^3 - 3{,}5 \cdot 10^5$ *кг/см²*); салышт. узарышы 0дон 70%ке чейин.

Лб.: Бунин К. П., Баранов А. А., Металлография, М., 1970; Основы материаловедения, под ред. И. И. Сидорина, М., 1976.

ТЕМИР КЫЧКЫЛДАРЫ — 2 ж-а 3 валенттүү темирдин кычкылтек м-н бирикмелери: FeO, Fe_2O_3, Fe_3O_4. Кадимки темп-рада нымдуу абада темирди борпоң дат ($Fe_2O_3 \cdot nH_2O$) басат (к. *Коррозия*). Темирди кургак абада 200°Сден жогору ысытканда жука кабыкча—Т. к. м-н капталып, ал металлды андан ары кычкылдануудан сактайт. Суу буусуна темирди ысытканда Fe_3O_4 же FeO пайда болуп, суутек бөлүнүп чыгат. Темир чала кычкылы FeO негиздик касиетке, кычкылы Fe_2O_3 амфотердүү ж-а начар кислоталык касиетке ээ. Алар негиздик кычкылдар м-н ферромагниттик касиетке ээ ферриттерди пайда кылат. Жаратылыштагы Т. к. (гематит, магнетит минералдары) темирди алууда сырьё болуп саналат.

ТЕМИРОВ Абдыкалый (1909, Нарын обл., Жумгал р-ну, «Таш-Дөбө» к-зу — 1952, ошол эле жер) — кыргыз обончусу, аткаруучу, комузчу. Кыргыз ССРинин эмг. сиң. арт. (1944). Чыгылыгын 1930-ж. баштаган. Жумгал р-нунда уюшулган колхоз-совхоз театрында (1936—39), Нарын обл. драма театрында (1939—41), Пржевальск, Жумгал театрларында, Кыргыз филармониясында иштеген. Элдик күүлөрдү ж-а ырларды чебер аткарып, озу да «Ак мандай», «Сагынам», «Кыялым», «Беш жылдык», «Ак чабак», «Саламы ушул Сайранын», «Сагынганда», «Беш ыргай», «Чын сүйүү», «Сайра комуз», «Мен ашык» ж. б. ырларга обон чыгарган. Ал «Кайгылуу Какей» (М. Токобаев), «Сарынжи» (К. Эшмамбетов), «Жапалак Жатпасов» (Р. Шүкүрбеков) ж. б. спектаклдерде роль аткарган. Медаль м-н сыйланган.

ТЕМИРОВА Асипа (1909-ж. т., азыркы Кочкор р-ну, Кум-Дөбө кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1957). 1939-жылдан КПСС мүчөсү. 1927-жылдан Кочкор с-зунун чабаны, директордун орун басары, бап чабан. 1956-ж. ар жүз тубар койдон 106дан козу ж-а ар койдон 4 кедан жүн алган. КПССтин 20-съездинин делегаты. Кыргыз ССР Жог. Советинин (5-шайл.) депутаты. Ленин ордени, «Ардак Белгиси» ордени ж-а «Социалисттик мал чарба устаты» белгиси м-н сыйланган.

ТЕМИРОВКА — Ысык-Көл обл-ным Ысык-Көл р-нундагы Темировка айыл советине караштуу кыштак. Ленин атн. с-здун аймагында. Рыбачье — Пржевальск автомобиль жолунун боюнда. Райондун борбору Чолпон-Ата ш-нан 28 *км* чыгыш таранта. Рыбачье т. ж. станциясынан 103 *км*. Калкы 2285 (1979). Орто мектеп, клуб, китепкана, оорукана, үй тиричилик комбинатынын бөлүмү бар.

ТЕМИРӨТКҮ, к. *Трихофития*.

ТЕМИР РУДАЛАРЫ — составында казып алууга экон. жактан арзырлык өлчөмдө темир ж-а анын бирикмелери бар минералдардын табигый чогундусу. Негизги руда минералдары: *магнетит*, магномагнетит, титан — магнетит, *гематит*, гидрогематит, гётит, гидрогётит, сидерит ж. б. О. ж-лык маанидеги рудада Fe 16—70% өлчөмүндө болот. Т. р-ным кендери пайда болуу шартына карай эндоген, экзоген, метаморфоген кендерине бөлүнөт. Эндоген кендерине: 1) магма кендери — габбро-пироксенит текстериндеги титан-магнетиттин дайка, кабат сымал катмарлары; сиенит, сиенит-диориттердеги апатит-магнетит катмарлары, 2) скарн кендери интрузия массивдерине чектеш же ага жакын жерлердеги (скарндардагы) ар кандай татаал формадагы магнетит рудалары, 3) гидротерм кендери — минералдуу ысык эриндилерден пайда болгон сидерит, гидрогётит-сидерит рудалары кирет. Экзоген кендери: 1) чөкмө кендер — деңиз м-н көл сууларындагы темир бирикмелеринин хим. ж-а мех. түрдө суу түбүнө чөгүндүсү; күрөң темир, сидерит, силикат рудаларынын чөкмө ж-а жанар тоо-чөкмө тектердин арасындагы катмарлары; 2) үбөлөнүү кыртыш кендери — темирлүү минералдардан түзүлгөн тоо тектердин үбөлөнүп талкаланышынан гематит-мартит, магнетиттүү кум, «темир калпак» ж. б. руданын оз ордунда же башка жерге оон барып топтолушу. Метаморфоген (метаморфизмделген) кендери негизинен мурдагы экзоген (айрыкча чөкмө) кендеринин жог. басым ж-а темп-ра шартында өзгөрүлүшүнөн келип чыгат да, темирлүү кварцит, жеспилит, темирлүү роговик, магнетит, гематит, силикат ж-а карбонат рудаларынан турат. Ө. ж-лык маанидеги руда түзүүчү негизги минералына карай Т. р. бир нече түргө бөлүнөт: күрөң темир (негизги минералы гидрогётит, гётит, шамозит ж. б., Fe 55%ке чейин), гематиттүү руда (гематит, Fe 60%), магнетиттүү руда (магнетит, мартит, магнезиоферрит, магномагнетит, Fe 60%), сидериттүү руда (сидерит, Fe 35%), силикаттуу темир руда (темирлүү хлорит, Fe 40%), темирлүү кварцит (гематит, магнетит, мартит, Fe 36%). Запасы ж-а казып алынышы б-ча метаморфоген Т. р. башкы орундуээлейт. Алар дүйнөдөгү казып алынуучу Т. р-ным 70%ин түзүп, негизинен байыркы тоо тектерде топтолгон. Ири кендери СССРде (Кривой Рог, КМА), Австралияда (Хамерсли), Канадада (Лабрадор), Бразилияда (Минас-Жерайс), Индияда (Майсур) ж. б. Т. р-ным 25% экзоген кендеринен казып алынат. Ири кендери СССРде (Керчь, Алапаев, Аят), ГФРде (Лан-Диль), АКШда ж. б. Кырг-ндагы *Жетим темир руда бассейни* Т. р-ным ушул тибине кирет. Т. р-ным 5% эндоген кендеринен казып алынат. Кендери СССРде (Кусин, Качканар, Лебяжье, Магнит тоосу, Соколов-Сарбай), ТАРда (Бушвельд), Танзанияда (Лиганга), Швецияда (Кируна ж-а Елливаре), АКШда (Айрон-Спрингс), Испанияда (Бильбао) ж. б. Т. р-ным көбү негизинен чоюн, болот ж-а ферроқуйма алуу үчүн пайдаланылат. Бир азы табигый кызыл боёк ж-а бургулоо чопо ылайын оорлоткуч катары керектелет.

Лб.: Оценка железорудных месторождений при поисках и разведках. Колл. авторов, М., 1970; Докембрийские железорудные формации мира, М., 1975; Требования промышленности к качеству минерального сырья. Справочник для геологов, в. 59 — Железо, 2 изд., М., 1962.

ТЕМИР СУЛЬФАТТАРЫ — 2 ж-а 3 валенттүү темирдин күкүрт кычкыл туздары: $FeSO_4$ ж-а $Fe_2(SO_4)_3$. 2 валенттүү темирдин сульфаты суу эритмесинен ачык жашыл түстөгү кристаллдар $FeSO_4 \cdot 7H_2O$ түрүндө бөлүнөт да, темир купоросу деп аталат. Аны суюлтулган күкүрт к-тасын темир сынығына таасир этпи алууга болот. Ал сыя жасоодо, боёо ишинде, жыгачты консервалоодо колдонулат. 3 валенттүү темирдин сульфаты кристаллогидратты пайда кылат, мис., $Fe_2(SO_4)_3 \cdot 9H_2O$. Сууда жакшы эрийт, жегич жер металлдарынын сульфаты м-н ачык таштарды берет. Суу тазалоодо, темир ачык ташын алууда колдонулат.

ТЕМИР-ТОО (1945-жылга чейин Самаркан посёлкасы) — Казак ССРинин Караганды обл-ндагы шаар. Самаркан (Нура) суу сактагычынын жээгинде. Калкы 213 миң (1979). Караганды металлургия комбинаты, ТЭЦ, синтет. каучук, куюу-мех. ж. б. а-ддор бар. Химия-мех., курулуш техникумдары, мед. ж-а муз. окуу жайлары ж. б. иштейт.

ТЕМИРЧИЛИК-ШТАМПТОО ӨНДҮРҮШҮ — оор машина куруу ө. ж-ным түрдүү металл буюмдарды (машина тетиктеринен башпан үй тиричилик буюмдарын) сомдоо, штамптоо, ныктоо (пресстөө) жолдору м-н жасоочу тармагы. Т.-ш. ө-нүн иштетүү методдору материалдардын ийилип деформацияланышына негизделген. Ийилип деформацияланууу шарттары металлдарды басым м-н иштетүү теориясына негизделет. Т.-ш. ө-нүн иштетүү методдорун колдонуп жасалган тетиктер кесип иштетилген тетиктерге караганда бекем болуп, металлдын чыгымы азаят. Металл иштетүүнүн негизги ыкмалары материалдын баштапкы түрүнө (прокат, куйма ж. б.), жабдуусуна (пресс, сомдогуч машина), аспаптарга ж-а технол. ыкмаларга жараша болот. Ушуга негизделип Т.-ш. ө. сомдоо, штамптоо, ныктоо болуп айырмаланат. Сомдоо — буюмга керектүү форманы штамптын кайталап согуусу м-н берүүчү металл иштетүүнүн ыкмасы. Штамптоо — металлды басым м-н иштетүү ыкмасы. Ныктоо—ысытылган металлды матрицадагы алына турган буюмдун түспөлүндөй көзөнөк (тешик) аркылуу пуансон (пресс-штемпель) м-н ныктап өткөрүп, керектүү формадагы буюмду алуу ыкмасы. Т.-ш. ө-нүн буюмдары автомобиль ж-а авиация ө. ж-нда, трактор курууда, жеңил ө. ж-нда ж. б-да кеңири колдонулат.

ТЕМЛЯКОВ Дмитрий Андреевич (21. 2. 1924-ж. т., Рязань обл., Кадом р-ну, Молочная Гора кыш.) — Даңк орденинин толук кавалери. 1950-жылдан КПСС мүчөсү. 1937-жылдан Кырг-нда жашаган. 1942-ж. октябрдан Сов. Армияда. 1943-ж. февралдан Кызыл Туулуу 8-гвард. дивизиянда артиллерист болуп, Түш.-Батыш, 3-Украин ж-а 1-Белорус фронтторунда салгылашкан. 1944-ж. 31-январдагы чабуулда душмандын ок атуучу 4 точкасын жок кылганы үчүн 3-дараж. (6. 3. 1944), июлда душман пулемётчигин ж-а ок-дары салган машинаны талкалаганы үчүн 2-дараж. (6. 10. 1944), 1945-ж. 14-январда Головчув ш-ным жанындагы чабуулда 3 станковый пулемётту ж-а дзотту талкалаганы үчүн 1-дараж. Даңк орденин алган. Т. медалдар м-н да сыйланган. 1947-жылдан Пржевальскийде жашайт, 1954-жылдан андагы электр тех. заводдо инженер-экономист.

ТЕМП музыкада — муз. чыгармаңы аткаруунун тездик даражасы ж-а анын кыймылынын мүнөзү. Адегенде Т. нотада көрсөтүлбөгөндүктөн музыка мазмунуна жараша аткарылган. 17-к-дан атайын итал. терминдер м-н атала баштаган (мис., ларго, ленто, *адажио* — жай; *анданте*, модерато — орто, салмактуу; *аллегро*, вивачe, престо — ыкчам). Кээде Т. муз. чыгарманын жанрына тийиштүү да айтылат (мис., вальс темпинде, марш темпинде ж. б.). *Метроном* Т-ти так аныктоого мүмкүндүк берет. Ошентсе да ал аткаруучу үчүн көрсөткүч катары кызмат кылат, аниекти аткаруучу өз жөндөмүнө жараша Т-тин ыргагын бир аз өзгөртүшү ыктымал. Кыргыз композиторлору Т-тин кыргызча аталышын (мис., жай, ыкчам ж. б.) колдонушат.



А. Темирова.



Д. А. Темляков.

ТЕМПЕРА — баркыт сымал, күңүрт фактуралуу боёк. Т. монумент сүрөт тартуууга, жасалга-колдонмо буюмдарды кооздоого керек. Т-да осүмдүк ж-а жаныбар желими, жумурткаңын сарысы, май (лак) аралашкан илээшкек аат (эмульсия) бар. Т. биринчи жолу Байыркы Египет иск-восунда, о. кылымдагы Батыш ж-а Борб. Европа өлкөлөрүнүн көркөм мад-тында станковый картиналарды ж-а дубалга сүрөт тартууда колдонулган.

ТЕМПЕРАМЕНТ (лат. temperamentum — бөлүктөрдүн өз ара катышына тиешелүү) — адамдын психикасын мүнөздөгөн жеке өзгөчөлүктөрдүн жыйындысы. Т. үч негизги бөлүктөн куралат: адамдын жалпы активдүүлүгү, кыймыл-аракети ж-а эмоционалуулугу. Жалпы психикалык активдүүлүк адамдын өнүгүүсүн, сыртқы дүйнөнү өздөштүрүүсүн мүнөздөйт. Активдүүлүктүн баскычтары иш-аракеттеги кашаңдыктан, жүүнү бошуктан ашкере шайдоттукка, ыкчамдыкка чейин созулат. Т-тин кыймыл-аракеттик бөлүгү — психикалык абалдын ички динамикасынын маанисин арттыруунун каражаты. Ал булчуң кыймылынын ыкчамдык, күч, ритм ж. б. белгилеринен көрүнөт. Т-тин эмоционалык бөлүгү ар кандай сезимдин, аффекттин, маанайдын пайда болуу, өнүгүү ж-а жоголуу өзгөчөлүктөрү м-н мүнөздөлөт.

Т-ти иликтөө байыркы учурдан башталган. Ал кездеги теориялар Т-тин өзгөчөлүктөрүн организмдеги тигил же бул суюк зат м-н байланыштырган. Мис., Гиппократ кан, от, кара от м-н байланыштырып, организмде кайсынысы басымдуулук кылганына жараша Т-тин сангвиник, холерик, меланхолик ж-а флегматик деген негизги түрлөрүн белгилеген. Кийин И. Кант Т-тин бул түрлөрүнүн мүнөздөмөлөрүн системалаштырса да, кээ бир чатаныууларга жол берген. Маселени иликтөөдө морфол. теориянын өкүлдөрү (нем. психопатолог

Э. Кречмер, амер. психолог У. Шелдон) Т-тин өзгөчөлүктөрүн адамдын дене түзүлүшү м-н байланыштырган. Гуморалдык ж-а морфол. теорияларды негизги кемчилиги — Т-тин башкы себептерин туура аныктай албагандыгында. Бул маселени И. П. Павлов туура чече алды. Ал нерв системасынын үч касиетин: козголуу ж-а тормоздоо процесстеринин күчүн, тең салмактуулугун ж-а кыймылдуулугун белгилеген. Бул үчөө ар кандай биримдикте Т-тин ар кайсы түрүнө туура келет. Эркн күчтүү, салмактуу, чапчак — сангвиник. Ага шамдагайлык, ой толгоолордун тез пайда болушу ж-а тез алмашышы мүнөздүү. Эркн күчтүү, салмактуу, жайбаракат — флегматик. Ага бир калыптагы маанай, токтоо кыймыл мүнөздүү. Эркн күчтүү, оопай — холерик. Ага маанайдын тез өзгөрүшү, эмоциялуулук, кызуу кандуулук мүнөздүү. Тез туталанма — меланхолик. Ага акырындан пайда болуучу, терең ж-а узакка созулуучу, анча баамдалбаган сезим мүнөздүү. Т. нерв системасынын тубаса касиеттерине гана эмес, адамдын жашоо шарттарына да көз каранды. Адамдын Т-н өмүр бою өзгөрбөй тура бербейт.

Ад.: Теплов Б. М., Проблемы индивидуальных различий, М., 1961; Мерлин В. С., Очерк теории темперамента, 2 изд., Пермь, 1973.

ТЕМПЕРАТУРА (лат. temperatura — тиешелүү аралашма, өлчөмдөш, нормалдуу абал) — макросистеманын термодинамикалык тең салмак абалын мүнөздөөчү физ. чоңдук. *Термодинамикалык тең салмактуулук* абалдагы изоляцияланган системанын бардык бөлүгүндө Т. бирдей. Эгер изоляцияланган система (нерсе) термодинамикалык тең салмактуу болбосо, темпрасы жогору болгон бөлүгүнөн температы төмөн бөлүгүнө энергиянын өтүшү бүтүндөй системанын Т-сынын бирдей болушуна алып келет. Т. системаны түзгөн бөлүкчөлөрдүн энергия деңгээли б-ча бөлүштүрүлүшүн (к. *Больцман статистикасы)* ж-а бөлүкчөлөрдүн ылдамдыктары б-ча бөлүштүрүлүшүн (к. *Максвелл бөлүштүрүүсү),* заттын иондошуу даражасын (к. *Саха формуласы),* нурлануунун спектрдик тыгыздыгын (к. *Планк нурлануу закону),* нурлануунун толук көлөмдүк тыгыздыгын (к. *Стефан — Больцман нурлануу закону)* аныктайт. Газдардын кинематикалык теориясында ж-а статистикалык механиканын бөлүмдөрүндө Т. үч эркин даражага ээ болгон бөлүкчөлөрдүн алга жылуу кыймылындагы орто кинетикалык энергиясы $E=\frac{3}{2}kT$ катары аныкталат: мында k — Больцман туруктуулугу, T — иерсенин темп-расы. Бөлүкчөлөрдүн кинетикалык энергиясы оң чоңдук болгондуктан Т.— дайыма оң сан. *Абсолюттук нолдон* тартып эсептелген Т. абс. температура же термодинамикалык темп-ра шкаласы б-ча Т. деп аталат. *Биздин эл аралык системасында* абс. темп-ранын бирдиги үчүн кельвин (К) кабыл алынган (к. *Кельвин шкаласы).* Т. кончулук учурда Цельсий шкаласы (t) б-ча өлчөнөт: $t=T-273{,}15$ К.

ТЕМПЕРАТУРА ШКАЛАСЫ—ар түрдүү темп-рага туура келген сан маанилердин удаалаштыгы. Нерсенин темп-расын түздөн түз чөнөөгө мүмкүн эмес. Анын мааниси заттардын өлчөөгө ыңгайлуу термометрдик деп аталган физ. касиеттеринин темп-ра б-ча өзгөрүшү м-н аныкталат. Т. ш-н түзүү үчүн темп-ранын баштапкы чекити м-н темп-ранын бирдигинин чоңдугун (градусту) тандап алуу зарыл. Ал үчүн 2 репердик чекит (заттардын бир агрегаттык абалдан экинчиге өтүшү) пайдаланылат (к. *Цельсий шкаласы).* Мындай Т. ш. эмпириялык деп аталат. Заттардын термометрдик касиетине көз каранды болбогон термодинамикалык Т. ш-н темп-ранын катышынын *Карно циклиндеги* жылуулук катышы аркылуу аныкталуучу *термодинамиканын* экинчи законунун негизинде түзүүгө болот. Негизги темп-ра абс. темп-ра бирдиги — кельвин (К), ал $\frac{1}{273{,}16}$ ге барабар болгон суунун үчтүк чекитиндеги термодинамикалык темп-ранын бир болүгү. Эл аралык практикалык Т. ш. (ЭАПТШ-68) б-ча эки — Кельвин темп-расы (T_{68}) ж-а Цельсий темп-расы (t_{68}) бар. Алар төмөнкүдөй байланышта: $t_{68}=T_{68}-273{,}15$ К. Айрым өлкөлөрдө алиге чейин Фаренгейт ж-а Ранкин Т. ш. сакталып турат.

ТЕМУР, к. *Тимур.*

ТЕНАРДИТ (француз химиги Л. Ж. Тенардын ысмынан) — сульфаттар классындагы минерал. Хим. формуласы Na_2SO_4. *Ромб системасында* кристалдданат. Өңү сүттөй ак; сууда эрийт; катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 2—3; салыштыр. салм. 2,6—2,7. Т.— хеморген минералы; соолуп бараткан туздуу көлдөрдө мирабилит, эпсомит, гипс ж. б. минералдар м-н бирге пайда болот. Т. негизинен сода, боёк, айнек даярдоодо ж-а медицинада колдонулат. Кендери СССРде (Кара-Богаз-Көл, Мормышан көлүндө, Түп.-Батыш Каз-нда ж. б.), АКШда ж-а Канадада бар.

ТЕНДОВАГИНИТ (жаңы лат. tendo— тарамыш ж-а vagina — ичи) — тарамыштарды ичинен каптаган кабыктын катуу кармаган же өнөкөт сезгенүүсү. Ал манжалардын, кырк муундун, билектин, шыйрактын тарамыштарында көп кездешет. Т. инфекциялык ж-а кырсылдоочу болуп бөлүнөт. Инфекциялык Т. прицеткич *микроорганизмдердин* майда жарааттар аркылуу тарамыштын ичине киришинен же *көбүргөндүн* кабылдоосу катары пайда болот. Ооруган жер ысып шишийт, манжаларды кыймылдатканда ооруйт. Дарылоодо *физиотерапия, антибиотиктер* ж. б., ириңдүү Т-те хирургиялык жол колдонулат. Кырсылдоочу Т.—таранмыштын асептикалык сезгенүүсү. Кесип м-н байланыштуу (пианист, саанчы, машинисткаларда кездешет). Манжаларды кыймылдатканда кырсылдап ооруйт. Дарылоодо тануу, физиотерапия колдонулат.

ТЕНЗОБИЛДИРГИЧ — катуу нерсенин деформациясын электр сигналына өзгөрткүч. Каршылык Т-нин иштөө принциби металл зымынын (же жука калдырканын) деформация (кысылуу же созулуу) учурунда өзүнүн электр каршылыгын өзгөртүү касиетине негизделген. Т-тин конструкциясы изилденүүчү тетиктин бетине чапталып (жог. темп-рада ширетилген), зымдардан жасалган торчодон турат.

ТЕНЗОМЕТР (лат. tensus — күч келтирилген, керилген ж-а *...метр)* — тетиктерде, конструкцияларда, курулмаларда, о. эле материалдарды мех. сыноодо деформацияны өлчөгүч прибор. Өлчөнүүчү чоңдукту чөнөөнү каттоонун, эсептөөнүн ыңгайлуу түрүнө келтирүүгө жараша Т. мех. ж-а электрдик болуп айырмаланат. Мех. Т. түрдүү эсептегич, каттагыч түзүлүштөрү бар рычагдарды бириктирип, негизинен серпилгич материалдардын бекемдигин аныктоодо колдонулат. Электрдик Т. татаал шарттарда (агрессивдүү чөйрөдө, жог. же төмөнкү темп-рада ж-а басымда ж. б.) статикалык ж-а динамикалык деформацияны алыстан өлчөөгө мүмкүндүк берет.

ТЕНЗОР — берилген геом. (же физ.) конструкцияны аныктоочу ж-а бир координата системасынан экинчисине өткөндө кандайдыр бир жөнөкөй закон б-ча өзгөрүүчү чоңдуктардын системасы. Т-лордун арасындагы катыштар (амалдар) координаталар системасына көз каранды болбогон геом. (же физ.) фактыны аныктайт. Т-ду көп вектордук аргументтүү скалярдык сызыктуу функция аркылуу аныктоого болот. Бул сызыктуу функциянын көз каранды эмес аргументтеринин саны Т-дун валенттүүлүгү (тартиби) деп аталат. Мындан бир валенттүү Т. вектор болот. Т. эки мааниде колдонулат: 1) бул түшүнүк өзгөчө закон б-ча өзгөртүп түзүлүүчү өзгөчө чоңдуктарга гана таандык болуп, Т-дук эсептөөдө кеңири колдонулат; 2) механикада, айрыкча серпилгичтик теориясында сызыктуу оператордун синоними катары кеңири колдонулат, «Т.» терминиинин алгачкы мааниси серпилгич деформация учурундагы созулууга (кысылууга) байланыштуу пайда болгон. Кийин ал термин механиканын башка бөлүктөрүнө таралып, инерция Т., деформация Т., чыңалуу Т-лору ж. б. деп аталып кеткен.

ТЕНЗОРДУК ЭСЕПТӨӨ — тензорду анын касиеттерин ж-а тензор м-н болгон амалдарды изилдөөчү матем. теория. Т. э.— вектордук эсептөөнүн ж-а матрицалар теориясынын өнүккөн, жалпыланган түрү. Дифференциал геометрияда, риман мейкиндиктеринин теориясында, салыштырмалуулук теориясында, механикада, электр-динамикада ж-а илимдин башка тармактарында Т. э. кеңири колдонулат.

Физ. чоңдуктар скаляр ж-а вектор чоңдуктарына бөлүнөт. Скаляр чоңдугу (мис., темп-ра, масса ж. б.) бир сан аркылуу туюнтулат да, кандайдыр координаталар системасынан башка координаталар системасына өткөндө мааниси өзгөрбөйт. Вектор чоңдугу (күч, ылдамдык ж. б.) үч сан (вектор компоненттери) аркылуу аныкталып, бир координата системасынан экинчисине өткөндө вектор компоненттери белгилүү закон б-ча өзгөрөт. Физикада, геометрияда скаляр ж-а вектор чоңдугунан башка тензор деп аталган чоңдуктар кездешет. Тензор чоңдуктары ар бир координата системасында тензор компоненттери (түзүүчүсү) болгон бир нече сан м-н аныкталып, аныи бир координата системасынан экинчисине өтүү закону вектор чоңдугунан кыйла татаал. (x_1, x_2, x_3) ж-а (y_1, y_2, y_3) эки вектор координаталарынын $x_k y_l$ көбөйтүндүсүнүн (бардыгы 9) жыйынтыгы — тензор чоңдугу. Бир координата системасынан экинчисине өткөндө $x_k y_l$ чоңдуктары $x'_k y'_l$ м-н алмаштырылат. Ал $x'_k y'_l$ чоңдуктары $x_k y_l$ м-н төмөнкүдөй формула б-ча байланышат:

$$x'_k y'_l = \sum_{i=1}^{3}\sum_{j=1}^{3} \alpha_{kl}\,\alpha_{lj}\,x_i\,y_j.$$

Сандардын жыйынын $a_{kl}=x_k y_l$ тогуз координата аркылуу аныкталган бир чоңдук иретинде көрсөтүүгө болот. Бул чоңдук 2-рангдуу тензор деп аталат.

Тензор м-н негизги төрт операцияны жүргүзүүгө болот: кошуу, көбөйтүү эки же андан көп индекстери б-ча түрүү (свертывание) тензор индекстеринин ордун алмаштыруу. Бирдей валенттүү эки тензордун тиешелүү координаталары барабар, б. а. $a_{i_1,\dots,i_g j_1,\dots,j_s}=a_{i_1,\dots,i_g j_1,\dots,j_s}$ болсо, анда мындай эки тензор барабар болуп, бирдей (жог. ж-а төмөнкү индекстеринин саны) эки тензор кошулат. Мында өтөл эле түрдөгү үчүнчү тензорду алабыз. Мис., $C^{sl}_{ijk}=a^{sl}_{ijk}+e^{sl}_{ijk}$.

Ар кандай эки тензорду көбөйтүүгө болот. Мында валенттүүлүгү көбөйтүүчү тензорлордун валенттүүлүктөрүнүн суммасына барабар болгон тензорду алабыз. Тензордун көбөйтүндүсү көбөйтүүчүлөрдүн тартибине көз каранды. Берилген эки тензорду көбөйтүү үчүн биринчи тензордун ар бир координатасын экинчи тензордун ар бир координатасына көбөйтөбүз: мис., a^{s}_{ijgl} ж-а e^{lmrp}_{gt} тензордун көбөйтүндүсү төмөнкүдөй: $C^{slmrp}_{ijgt}=a^{s}_{ij}\,e_{gt}$.

Валенттүүлүгү экиден кем болбогон жог. ж-а төмөнкү индекстери бар ар кандай тензордун валенттүүлүгүн кемитүүгө болот. Бул амал тензордун түрүлүшү деп аталат. Мында тензордун валенттүүлүгү экиге (бир коварианттуу ж-а бир контравариантту кемийт. Мис., беш валенттүү a^{sm}_{ji} тензордун жог. 1 индекси ж-а төмөнкү i индекстери б-ча түрүп, үч валенттүү $a^{sm}_{j}=a^{sli}_{ij}$ тензорду алабыз. Эгер тензордун жог. индекстеринин саны, аныи төмөнкү индекстеринин санына барабар болсо, анда түрүлүү (свертывание) амалын улам колдонуп отуруп, берилген тензорду скалярга (инвариантка) айландырууга болот. Муну тензорду көбөйтүү амалына да колдонууга болот. Тензордун индекстеринин орундарын (жог. же төмөнкү) алмаштырууда ошол эле типтеги жаңы тензорду берет.

Тензордук анализ. Тиркемелерде айрым тензор каралбай, тензор талаасы каралат. Мис., серпилгич деформацияны изилдөөдө нерсенин бардык чекиттериндеги тензор деформациясы м-н чыңалуусу каралат. Т. а-де тик бурчтуу же аффиндик координата эле каралбай каалагандай (жетишерлик дифференциаланма) ийри сызыктуу координата да каралат. Т. э. 19-к-да алгебр. форма теориясы м-н квадраттык дифференциал форма теориясынын өнүгүшүнөн пайда болгон. Алгачкы Т. э. К. *Гаусс,* Б. *Риман,* кийин италян математиги Г. Риччи-Курбастро изилдеген.

Ад.: Рашевский П. К., Римановa геометрия и тензорный анализ, 3 изд., М., 1967; Мак-Коннел А.-Дж., Сокольников И. С., Тензорный анализ, пер. с англ., М., 1971.

ТЕННИДОЗДОР — адам м-н малдын теннид тукумундагы тасма курттар пайда кылуучу гельминтоздору. Булардан тениоз ж-а теннаринхоз көбүрөөк кездешет. Т. таза малга оорулуу мал кыгынан, булганч тоюттан жугат. Адамга дарттуу мал этинен жасалган тамактан тарайт. Ичеги-карындан кан тамырга, кан аркылуу башка орган ж-а ткандарга өтүп, *цистицеркоз* пайда кылат. Оорулуунун ичи ооруп, жүрөгү айланып, бат чарчап, ачуулуу (чукул) келип, каны азаят. Дарылоо: ашкабак уругу, цистицеркоздо операция жасалат. Алдын алуу: мал багууда тазалыкты сактоо; этти абдан бышыруу, мал м-н иштеген адамдарды мед. текшерүү.

Ад.: Основы цестодологии, под ред. К. И. Скрябина, т. 4, М., 1964.

ТЕНИШЕВ Эдгем Рахимович (24. 4. 1921-ж. т., Пенза ш.) — сов. тилчи, түрколог, филол. илимд. доктору (1969), проф. (1971). Жумушчунун үй-бүлөсүнөн. 1949-ж. ЛГУнун чыгыш ф-тетин бүткөн. 1949—54-ж. ЛГУда өзбек, казак ж-а байыркы түрк тилдеринен сабак берген. 1954-жылдан СССР ИАнын Тил илими ин-тунда иштейт: 1954—60-ж. ил. кызматкер, 1960—64-ж. ст. ил. кызматкер, 1964-жылдан түрк тилдери секторунун (1974-жылдан түрк-монгол тилдер сектору) башчысы. 1956—59-ж. ил. командировка м-н КЭРге барып, уйгур, салар ж-а сары уйгур арасында болгон. Ал — 70тен ашык ил. эмгектин автору. Эмгектеринде негизинен түрк тилдери, түрк тилинин грамматикасы, Синьцзяндагы уйгур тилинин диалектилери, КЭРдин Фу Юй у-идеги кыргыздардын тили, байыркы уйгур жазуулары ж-а рун жазуу эстеликтери изилденет. Т.— Түркологдордун сов. комитети м-н диалектология ж-а тилдердин тарыхы б-ча ил. советтин пред-лине орун басар, Түрк лингв. коомунун корр. мүчөсү (1971). «Советская тюркология» журналынын редколегия мүчөсү.

Эмг.: Введение в изучение тюркских языков, Пекин, 1958 — кытай тилинде; Грамматика турецкого языка, Пекин, 1959 — кытай тилинде; Саларский язык, М., 1963; Язык желтых уйгур, М., 1966 (совм. с Тодаевой Б. Л.); Строй сарыг-югурского языка, М., 1976; Строй саларского языка, М., 1976.

ТЕННЕССИ — АКШнын чыгышындагы дарыя, Огайо д-нын эң чоң ж-а суусу мол куймасы. Уз. 1050 *км,* алабынын аянты 104 миң *км*². Аппалач тоолорунан башталат. Орт. чыгымы чатында 1800 *м*³/*сек.* Ноксвилл ш-нан баштап кеме жүрөт. Суу сактагычтар (Кентукки, аянты 1100 *км*² ж. б.) көп. Кубаттуу (4 *Гвт)* ГЭС курулган. Боюнда Ноксвилл, Чаттануга, Флоренс ш-лары жайгашкан.

ТЕННЕССИ — АКШнын түштүгүндөгү штат. Аянты 109, 4 *км*². Калкы 4,1 млн (1975). Админ. борбору — Нашвилл ш. Т. — индустр.-агрардык штат. Теннесси д-нын өрөөнүндө электр станцияларынын комплекси (ГЭС, ТЭС ж-а АЭС) курулган. Негизги ө. ж. тармактары: химия (жер семирткич, жасалма була ж. б.), атом, түстүү металлургия (алюминий эритүү), машина куруу (электр тех., а. ч. машиналары, автомобиль), жыгач иштетүү, текстиль, тамак-аш, полигр. ж. б. Негизги а. ч. өсүмдүктөрү — тамеки, буурчак, жүгөрү, буудай, пахта, тоют чөптөрү. Мал чарбасы өнүккөн.

ТЕННИС (фр. tenez — ме, ал деген-ден)— спорт оюну. Спортсмен атайын аянтчада (кортто) ракетка м-н топту тордон ашыра урат. Т. көк шиберде, кум аралаш тонурак, асфальт, жыгач ж. б. төшөлгөн корттордо өткөрүлөт. Т. б-ча эл аралык федерация 1912-ж. Парижде түзүлгөн. Т. 1896—1924-жылдарда өткөрүлгөн сегиз Олимпиялык оюндар программасына кирген. Т. б-ча эркектер арасында дүйн. чемпионат — Дэвистин Кубогу үчүн мелдеш 1900-жылдан жылыга өткөрүлөт.

СССРде Т. б-ча 1-чемпионат 1924-ж. өткөрүлгөн; 1956-жылдан СССР эдеринин спартакиадасынын программасына кирет. 1976-ж. Т. секцияларында 35 миңдей спортсмен машыккан. Кырг-нда Т. негизинен Улуу Ата Мек. согуштан кийин кеңири өнүгө баштады. 10дон ашуун СССР спортунун

мастери тарбияланды. Жыл сайын респ-калык чемпионат откөрүлөт. Т. м-н 500дөй киши машыгат. Респ-када 13 Т. корту бар (1978).

ТЕНОР (лат. teneo — кармайм дегенден) — эркектердин ичке үнү. Диапазону до^1 — ля^2. Негизинен лирикалык ж-а драмалык Т. деп бөлүнөт.

ТЕНТАКУЛИТТЕР (Tentaculita) — деңиз моллюскаларынын тукум куурут болгон классы. Раковиналары конус сыяктанып уз. 3—7 *см*, бир нече камерага бөлүнгөн. Алардын девон мезгилинин чөкмөлөрүн изилдөөдө мааниси бар.

ТЕНТЕК-САЙ — Ош обл-нын Базар-Коргон р-нундагы дарыя, Кара-Дарыянын оң куймасы, к. *Кара-Үңкүр*.

ТЕНЦИНГ Норгэй (май, 1914-ж. т., Цачу кыш., Непалдагы Соло-Кхумбу өрөөнү)—бийик тоо чокуларына чыккыч (горовосходитель). Улуту шерпа, Индия гражданы. Көп альпинисттерге ж-а экспедицияларга жол көрсөткүч, жүк көтөргүч, жүк көтөргүч топко сирдар (башчы), тоого чыкчуларды даярдоо б-ча инструктор болуп иштеген. Алты жолу *Чомолунгма* (Эверест) чокусуна чыккан. 1938-ж. альпинисттердин Гималай клубу Т-ге «Жолборс» деген наам берген. 1953-ж. 29-майда Э. Хиллари м-н дүйнөдө биринчи жолу Чомолунгма чокусуна чыккан. 1954-жылдан Гималай альпинизм ин-тундагы талаа даярдыгынын директору, 1955-жылдан Шерпа альпинисттер ассоциациясынын предл. 1963-ж. Эльбрус чокусуна чыккан. Чет өлкөлүк спортсмендерден 1-болуп «Спортто чоң пийликтерге жетишкендиги үчүн» деген сов. медалды алган.

Ад.: Тигр снегов. Автобиография Тенцинга, записанная с его слов Дж. Р. Ульманом. [пер. с англ.], М., 1957.

ТЕҢГЕ (туркчө «тамга» дегенден) — азыркы Кыргыздын түштүгүндө, Чүй өрөөнүндө 20, 50, бир сомдук (күмүш) тыйындардын Окт. рев-ясына чейинки аталышы, к. *Монета*.

ТЕҢГЕ ГҮЛ (Calendula) — татаал гүлдүүлөр тукумундагы өсүмдүк уруусу. Чала бадал, бир же көп жылдык чөп. Сабагы бутактуу. Жалбырагы жөнөкөй. Гүлү тегерек, сары. 20дан



Дары теңге гүл: *а* — түтүктүү гүлү; *б* — тил сымал гүлү; *в* — уругу.

ашык түрү Жер Ортолук деңиз жээгинде, чыгышка Иранга чейин, о. эле Борб. Европада тараган. СССРде 4 түрү белгилүү. Деңиз жээктеринде, бадал, чөп арасында, тоодо, талаада Т. г. отоо чөп катары да өсөт. Дарылык Т. г. мурдатан эле эгилип келген. Анын көп сорту, негизинен тармал, сары, кызгылт сары Т. г. белгилүү. Кооздук үчүн айдалат, айрымы дарылыкка керектелет. Кээ бир өлкөдө кургатылган гүлү тамакка татымал катары колдонулат.

ТЕҢГИ — Ош обл-нын Ала-Бука р-нундагы Көк-Серек айыл советине караштуу кыштак. «Кыргызстан» к-зунун борбору. Райондун борбору Ала-Букадан 55 *км* батыш тараптa, Наманган т. ж. станциясынан (Өзбек ССРи) 70 *км*. Калкы 1228 (1979). Үй тиричилик комбинаты, орто, сегиз жылдык, башталгыч мектептер, клуб, медпункт бар.

ТЕҢДЕМЕ — берилген эки функциянын маанилери барабар болгондой кылып, аргументтин маанилерин табуу маселелеринин аналит. жазылышы. Бул функциялар көз каранды болгон аргументтер **белгисиздер** делип, ал эми белгисиздердин ошол берилген функциялары барабар боло тургандай маанилери теңдеменин **чыгарылыштары** (**тамырлары**) деп аталат. Белгисиздердин мындай маанилери берилген Т-ни канааттандырат. Алсак $2x-8=0$ бул бир белгисизи бар Т., анын чыгарылышы $x=4$. $x^2+y^2=41$ бул эки белгисизи бар Т. Ал эми $x=5$, $y=4$ анын чыгарылышынын бири. Берилген Т-нин чыгарылышынын жыйындысы белгисиз үчүн мүмкүн болгон маанилердин E көптүгүнө жараша болот. Кээде E көптүгүндө Т. чыгарылышка ээ болбой калышы ыктымал. Анда ошол көптүктө Т. чыгарылбас деп аталат. Эгерде Т. чыгарылма болсо, анда ал же бир нече, айрым учурда чексиз көп чыгарылышка да ээ. Мис., $x^2-5=0$ теңдемеси рационалдык сандын көптүгүндө чыгарылбайт. Чыныгы сандардын көптүгүндө: $x_1=\sqrt{5}$; $x_2=-\sqrt{5}$ эки чыгарылышка ээ. Чыныгы сандардын көптүгүндө $\operatorname{tg} x=1$ Т-синин $x_1=\frac{\pi}{4}+\pi k (k=0, \pm 1, \pm 2, \pm 3, \ldots)$ чексиз көп чыгарылыштары бар. Эгер E көптүгүнүн бардык элементтери Т-нин чыгарылыштары болсо, анда ал ошол көптүктө теңдештик деп аталат. Мис., $x=\sqrt{x^2}$ теңдемеси терс эмес сандардын көптүгүндө теңдештик болот. Бирок чыныгы сандардын көптүгүндө теңдештик болбойт, анткени $y=x$ ж-а $y=\sqrt{x^2}$ функциялары терс эмес сандар үчүн гана барабар маанiге ээ. Бир мезгилде бардык Т-ни канааттандыра турган белгисиздери изделген бир нече Т-нин жыйынтыгы Т-лер **системасы** деп аталат. Бардык Т-ни бир мезгилде канааттандырган белгисиздердин маанилери системанын чыгарылышы делет. Мис., $x-y=1$; $x+y=7$ теңдемелери эки белгисизи бар эки теңдеменин системасы болуп, $x=4$, $y=3$ анын чыгарылышы болот. Эгерде бир Т. системасынын (бир Т-нин) ар бир чыгарылышы экинчи Т. системасынын (экинчи Т-нин) да чыгарылышы болсо, анда ал Т-лер системасы тең күчтүү деп аталат. Эгерде $f(x)$ *трансценденттик функция* болсо, анда $f(x)=0$ трансценденттик Т. деп аталат.

Ад.: Курош А. Г., Курс высшей алгебры, 4 изд., М., 1955; Сушкевич А. К., Основы высшей алгебры, 4 изд., М.—Л., 1941.

ТЕҢДЕМЕЛЕРДИН САНДЫК ЧЫГАРЫЛЫШЫ — алгебр. ж-а трансценденттик теңдемелердин жакындатылган чыгарылыштарын табуу. Т. с. ч. теңдемелердин коэффициенттеринин ж-а ага кирген функциялардын маанилери м-н арифм. амалдарды аткарууга келтирилип, теңдемелердин чыгарылыштарын мурдатан берилген каалагандай тактыкка чейин табууга мүмкүндүк берет. Математиканын ж-а аның колдонмолорунун көп сандагаи маселелери Т. с. ч-на келтирилет. Алгебр. Т. с. ч. төмөнкүдөй этаптарга бөлүнөт: 1) жөнөкөй тамырлуу теңдемелерди чыгарууга келтире турган эсептүү тамырларды айрым ажыратуу; 2) арасында теңдеменин тамырлары жата турган чектерди аныктоо; 3) тамырларды ажыратуу, б. а. ичинде бир гана тамыр жатуучу аралыктарды көрсөтүү; 4) график же башка ыкма аркылуу тамырдын жакындатылган маанисин болжолдоп аныктоо; 5) тамырды берилген тактыкта эсептөө. Т. с. ч-нын кеңири таралган методдору: Ньютон методу, Лобачевский методу, улам жакындатуу методу, катарга ажыратуу методу, жалган абал методу.

Ад.: Энциклопедия элементарной математики, кн. 2. Алгебра, М.—Л., 1951; Курош А. Г., Курс высшей алгебры, 4 изд., М., 1955.

ТЕҢДЕШТИК — логика, философия ж-а математиканын негизги түшүнүктөрүнүн бири; закондорду ж-а теоремаларды ил. тил м-н айтууда колдонулат. Математикада Т.— берилген барабардыкка кирген өзгөрмөлөрдүн ар кандай маанеси үчүн туура, б. а. теңдеп бирдей канааттандырган *теңдеме*. Логикалык көз караш б-ча Т.— предикат, $x=y$ формуласы м-н белгиленет («x чоңдугу yке теңдеш», x чоңдугу yтин өзү) x ж-а y өзгөрмөлөрү «бир эле» предметтин ар кандай түрүн мүнөздөсө чыныгы, ал эми тескерисинче болсо жалган делет к. *Бирдейлик*.

ТЕҢДЕШТИК ПРИНЦИБИ — *кванг механикасынын* негизги принциптеринин бири;ал принцип б-ча **теңдеш болукчөлөрдүн** орундарын алмаштыруу аркылуу алынуучу болукчөлөрдүн системасынын абалын эч бир экспериментте ажыратууга мүмкүн эмес, мындай абалдар бир физ. абал катары каралууга тийиш. Теңдеш болукчө — массасы, спини, электр заряды ж. б. ички мүнөздөмөлөрү бирдей болгон болукчө. Классикалык механикада айрым болукчөлөрдүн кыймыл траекториясын байкоо

м-н аларды бири бирinен ажыратып кароого болот. Кванг механикасында теңдеш болукчону так ажыратып кароо мүмкүн эмес.

ТЕҢДИК — адамдардын коомдогу бирдей абалын түшүндүргөн түшүнүк. Т. ар кайсы тарыхый доордо, ар кайсы таптарда түрдүү мазмунга ээ болгон. Т. проблемасынын тарыхы коом таптарга жиктелгенден башталат. Кул эзилик коомдо теңсиздик, «тилги бар куралдар» деп эсептелген кулдардын таптакыр укуксуздугу өкүм сүргөн. Феодализмде теңсиздик сословиелик мүнөздө болуп, эң укуксуз дыйкандар табы болгон. Бийлөөчү таптын ичинде да Т. болгон эмес. Тарыхта Т. үчүн күрөштүн ураапы таптык күрөштүн ураапы болуп келген. Кул эзилик коомдогу кулдардын, феодализмдеги дыйкандардын (мис., Россияда С. *Разин* ж-а Е. *Пугачёв* жетектеген) көтөрүлүштөрү теңсиздикке каршы чыккан. О. эле коомдогу теңсиздиктин себебин, аны жоюунун жолдорун ликтөө өнүккөн. Улуу утописттер Т. Мор ж-а Т. Кампанелла биринчилерден болуп теңсиздикти өндүрүш каражаттарына болгон жеке менчикке байланыштырган. Бул байланыш Ж. Ж. *Руссонун* «Коомдук келишим жөнүндө» деген атактуу эмгегинде айкын көрүнгөн. Капит. түзүлүштүн орношу мамилелерди бир кыйла өзгөртүп, сословиелерди ж-а сословиелик артыкчылыктарды жойду, ошону м-н бирге Т. принциби закондоштурулду. Бирок бул Т. түпкүлүгүндө жалган, көз боёмо мүнөздө болгон. Марксизм-ленинизм классиктери капит. коомдогу теңсиздиктин себебин, мүнөзүн, түрлөрүн ил. негизде түшүндүрүп, Т-ке жетүү жолдорун көрсөзүшкөн. Россиядагы ж. б. өлкөлөрдөгү соц. рев-ялар баарынан мурда өндүрүш каражаттарын коомдук менчикке айландырып, коомдук мамилелер системасында зор төңкөрүш жасады. Эң башкысы — коомдун бардык мүчөлөрү өндүрүш каражаттарына болгон мамиледе бирдей абалга ээ болду. Социализм жеңген соц Т-ке байланышкан бир топ маселелер чечилди: эмгекчилер тегине, социалдык абалына, динге ишенер-ишенбестигине ж. б-га карабай, саясий тең укуктуулукка жетишти; улут маселесин ленинче чечүүнүн негизинде улуттар ортосунда достук мамилелер орноду; аялдар тең укуктуулукка жетип, жеңилдиктерге ээ болуп, коомго пайдалуу эмгек кылууга активдүү кириишти.

Социализм бир топ пийликтерге жетишкени м-н маселени биротоло чечпей, эмгекке жараша төлөө принциби кала берет. Адамдар эмгекке жөндөмдүүлүгү, адистиги, үй-бүлөсүнүн саны ж. б. б-ча айырмаланган-дыктан материалдык жактан да бардыгы бирдей абалда боло элбайт. Ал эми коммунизмде Т. маселеси биротоло чечилип, муктаждыгына жараша болушуу принциби өкүм сүрөт. Бирок бул жөндөмдүүлүктөр, табиттер, мүдөөлөр да окшош болот дегендикке жатпайт. Тескерисинче, коммунизмде чыгылык күчөп, адамдар өз жөндөмдүүлүктөрүн эркин өнүктүрө алышат. Марксизм-ленинизм Т-ти таптардын биротоло жоюлушуна, коомдун бардык мүчөлөрүнүн телегейи текши өнүгүшүнө шарт түзүү деп түшүнөт. Азыр майда бурж. социализмдин өкүлдөрү эмгегине карабай, тең төлөө ураанын көтөрүшүүдө. Буга марксизм-ленинизм каршы турун, бул азыркы шарттарда байкерчиликке эмес, жакырчылыкка алып барарын кырастап, ага объективдүү шарттар али түзүлө электигин белгилейт. Бурж. идеологдордун өнүккөн капит. өлкөлөрдө Т. орнон калды дегени да куру эле калп. Нукура Т. коммунизмде гана болот.

Ад.: Маркс К., Гота программасына сын, Маркс К., Энгельс Ф., Танд. чыг., 2-т.; Энгельс Ф., Анти-Дюринг, Фр., 1964; Ленин В. И., Либералдык профессор теңчилдик жөнүндө, Чыг., кырг. 1-бас., 20-т.; Шахназаров Г. Х., Социализм и равенство, М., 1959; Курылев А. К., Коммунизм и равенство, М., 1971.

ТЕҢДИК — Нарын обл-нын Кочкор р-нундагы Кочкор айыл советине караштуу кыштак. «Теңдик» с-зунун аймагында. Райондун борбору Кочкор кыш-нын батыш чет жакасында. Рыбачье т. ж. станциясынан 61 *км*. Калкы 2366 (1979). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

ТЕҢДӨӨЧУ СТАНОК, теңдөөчү машина — машинанын айлануучу бөлүктөрүнүн — ротордун, валдын, шкивдин ж. б. статикалык ж-а динамикалык теңсалмаксыздыгын ордун ж-а даражасын тактоочу машина. Т. с. теңделүүчү тетик (мис., ротор) жайгашкан таянычтан, ал буюмду айландырып кыймыл бергичтен ж-а көрсөткүч приборлуу түзүлүштөн турат.

ТЕҢ ЖАКТУУ ҮЧ БУРЧТУК — бардык жактары өз ара барабар үч бурчтук. Т. ж. ү. б.— туура көп бурчтуктун бир түрү. Бир чекитте кесилишкен үч симметрия огуна ээ, ал чекит — ичтен ж-а сыртган сызылган айлананын борбору.

ТЕҢИР-ТОО — Кан-Теңир тоо тоомунун борб. бөлүгүндөгү кырка тоо. Борб. Тянь-Шанда. Меридиан кырка тоосундагы Чатыр чокусунан (6700 *м*) башталып, батыш тарапка Броненосец аскалуу урчугуна (4915 *м*) чейин созулуп, Түп. ж-а Түш. Эңилчек моңгүлөрүн бөлүп турат. Уз. 38 *км*, туурасы 6—9 *км*, орт. бийикт. 6000 *м*, эң бийик жери 6995 *м* (Кан-Тоо чокусу), салышт. бийикт. 1500—2000 *м*. Түш. капталы тик (55—60°), түндүгү жантайыңкы (40—45°) келип, моңгү өрөөндөрү м-н тилмеленген. Палеозойдогу мрамор, мраморлошкон аки таш, кристаллдуу сланец тектеринен ж-а аларды жиреп чыккан гранит, гранит-диориттен турат. Моңгүлөрүнүн жалпы аянты 132 *км*^{2}. Броненосец урчугунун этегинде *Мерцбахер көлү* орун алган. Тоо толугу м-н гляциалдык-нивалдык алкакта жатат. Альпинизм өнүккөн.

ТЕҢ КҮЧТҮҮ ТЕҢДЕМЕЛЕР — бирдей сандагы бирдей гана чыгарылыштарга ээ болгон теңдемелер (тамырлары эсептүү болгондо тиешелүү тамырлардын эсептүүлүктөрү дал келиши керек). $\sqrt{x}=2$, $3x=12$, $(x-4)^2=0$ үч теңдеменин ичинен биринчи м-н экинчиси Т. к. т., ал эми биринчи м-н үчүнчүсү тең күчтүү эмес, себеби $x=4$ тамырдын эсептүүлүгү биринчи теңдеме үчүн 1, ал эми экинчи теңдеме үчүн 2. Эгерде берилген теңдеменин эки жагына тең xтин бирдей көп мүчөсүн кошсок же эки жагын тең 0го барабар эмес бирдей санга көбөйтсөк, анда берилген теңдемеге Т. к. т. алынат. Мис., $x^2-x+1=x-1$ ж-а $x^2-2x+2=0$— Т. к. т. (биринчи теңдеменин эки жагына тең $-x+1$ көп мүчө кошулган). $0{,}01x^2-0{,}37x+1=0$ ж-а $x^2-37x+100=0$ — Т. к. т., мында эки жагы тең 100гө көбөйтүлгөн. Т. к. т. түшүнүгүн теңдемелер системасы үчүн дагы колдонууга болот.

ТЕҢ САЛМАКСЫЗ АБАЛ — термодинамикалык системанын *термодинамикалык тең салмактуулуктан* чыккандагы абалы; *статистикалык физикада* — системанын статистикалык тең салмактуулуктан чыккандагы абалы. Т. с. а-дагы системада кайталанбас процесстер жүрүп турат. Эгер системадан энергия же зат алынбаса же берилбесе, анда ал кайталанбас процесс Т. с. а-дагы системаны термодинамикалык (же статистикалык) абалга келтирүүгө умтулат.

ТЕҢ САЛМАКСЫЗ ПРОЦЕССТЕР (термодинамикада ж-а статистикалык физикада) — *тең салмаксыз абалды* камтыган физ. процесстер. Мис., мурда тең салмаксыз абалда болгон системада тең салмактуу (термодинамикалык же статистикалык) абалга келүү процесси; сырткы дүүлүктүргүчтүн аракетинен системанын тең салмактуу абалдан тең салмаксыз абалга же бир тең салмаксыз абалдан башка тең салмаксыз абалга өтүү процесси.

ТЕҢ САЛМАКТУУЛУК (механикада) — эсептөөнү баштоо системасына салыштырганда бардык чекиттери тынч абалда болгондой күч аракет кылган мех. системанын абалы. Т. с. шарттары статикада каралат. Эркин катуу нерсе Т. с. абалда болсун үчүн ага аракет кылган сырткы күчтөрдүн суммасы $\sum \bar{f}_i=0$(1) ж-а жыйынтыктоочу моменти $\sum M_i=\pm 0$ (2) болуш керек. (1) шартта каралган эсептөөнү баштоо системасына салыштырмалуу күч таасир кылганда нерсенин бардык чекиттеринин ылдамдыктары нолгө барабар болсо, нерсе тынч абалда болот. Газдар м-н суюктуктардын Т. с-у *гидростатикада* ж-а *аэростатикада* каралат.

ТЕҢ САЛМАКТУУЛУК ОРГАНДАРЫ — кишинин ж-а жаныбарлардын мейкиндикте дене абалынын озгорушун, о. эле организмге гравитация кучторунун ж-а ылдамдануунун озгорүү таасирин кабыл алуучу органдары. Омурткасыздардын Т. с. о. угуу ыйлаакчалары же статоциттер түрүндө дененин түрдүү жеринде жайгашкан. Алардын ичинде катуу түзүлүштөр — статолиттер болот. Статоциттин ичи кирпикчелүү сезгич клеткалар м-н капталган. *Омурткалуулардын* ж-а кишинин Т. с. о-н ички кулакта жайгашкан вестибул аппараты түзөт. Дененин абалына же ылдамдануусуна жараша тең салмактуулук рецепторлорунан импульстар вестибул нерви аркылуу мээге барат. Борб. вестибул механизмдеринин татаал түзүлүшү, алардын каракуш мээси ж-а *ретикул формациясы* м-н кептеген байланыштары башка *анализаторлор* м-н функциялык байланышты түзүүнү камсыз кылат. Борб. вестибул ж-а нерв механизмдеринин тыгыз байланышынын негизинде булчуңдардын тонусу жонго салынат.

Нерв системасынын кээ бир ооруларында, о. эле вестибул аппараты дүүлүккөндө ж-а ооруганда адамдын тең салмактуулугу бузулат.

ТЕҢ САЛМАКТУУЛУК ТУРУКТУУЛУГУ — мех. системаны бир аз жылыштырганда же түрткөндө тең салмактуу абалынан анча-мынча четтеген м-н ал системанын тең салмактуу абалынын сакталышы.

ТЕҢ САЛМАКТУУ ПРОЦЕСС (термодинамикада)—термодинамикалык системанын абалдары тең салмактуу болгудай өтө жай бир тең салмактуу абалдан экинчисине өтүү процесси. Ар кандай Т. с. п. кайталанма процесс, тескерисинче, бардык кайталанма процесс Т. с. п. болот.

ТЕҢ УКУКТУУЛУК — граждандардын мамлекет, закон, сот алдында официалдуу таанылган теңдиги. *Демократиянын* маанилүү элементтеринин бири. Т. у-тун реалдуулугу, анын конституциялык гарантиясы коомдук ж-а мамл. түзүлүштүн демократиялуулук деңгээлин мүнөздөйт. Т. у. принциби мамл. маанилүү принциптердин бири катары феод. коомдогу сословиелик карым-катнашты жойгон бурж. рев-ялар доорунда эле коюлган. Мис., Улуу француз рев-ясынын урааны — «Эркиндик, теңдик жана бир туугандык» болгон. Т. у. алгачкы бурж. конституциялар м-н декларацияларда жарыяланып, бирок чектелген формалдуу-укуктук мүнөздө болгон. Эркин келишим деп аталган формалдуу Т. у-ка жалданма жумушчу м-н капиталисттердин ортосундагы социалдык-экон. теңсиздик жатат. Бир катар бурж. өлкөлөрдө укуктук теңсиздик сакталууда (мис., аялдар теңсиздиги, улутуна ж-а расасына карай дискриминация). Социализмдин курулушу м-н Т. у. граждандардын конституциялык негизги укугу болуп бекиген. Соц. мамлекеттерде мамл., маданий, коомдук-саясий турмушта граждандардын укугунун ж-а милдетинин бирдейлиги, гражд. эркиндик ж-а коомдук милдеттин айкалышы мүнөздүү. Сов. Конституция бирөөго саясий артыкчылык берип, экинчисине чек коюну четке кагат.

ТЕОДОЛИТ — геод. жумуштарды (топографиялык, маркшейдердик ж. б.) жүргүзүүдө багытты, вертикаль ж-а горизонталь бурчтарды аныктоочу геод. аспап. Негизги жумушчу чени—градуска ж-а майда бөлүктөргө бөлүнгөн вертикаль ж-а горизонталь тегеректер. 20-к-дын ортосуна чейин верньер же микроскоп-микрометрдүү эсептегич металл тегерекчелүү Т. колдонулган. 20-жылдары оптикалык эсептегич м-н жабдылган айнек тегерекчелүү Т. колдонула баштаган. СССРде ГОСТтун талабына ылайык жалаң гана оптикалык Т. жасалат. Т. көп учурда ар түрдүү кошумча шаймандар (ориентирлөөчү буссоль, нокоттоочу марка ж. б.) м-н жабдылат.

ТЕОДОРАКИС Микис (29. 7. 1925-ж. т., Хиос а.) — грек композитору ж-а коомдук ишмер. Каршылык көрсөтүү кыймылына катышканы үчүн концлагерге камалган (1948—49). 1950-ж. Афины консерваториясынын композиция классын бүткөн. 1953—59-ж. билимин Парижде өркүндөткөн. 1959-ж. Грецияга келип, Жалпы демократиялык партиядан парламентке депутат (1964—67) болгон. 1967-ж. аскер төңкөрүшүнөн кийин камалып, 1968-ж. дүйн. коомчулуктун кысымы м-н бошотулган. 1970-жылдан Францияда иштеп, 1974-ж. Грецияга кайтып келген. Т.— симф., камералык чыгармалардын, ыр, бийлердин автору. Т-тин «Периштелер кварталы» операсы, «Орфей жана Эвридика», «Антигона», «Өлгөн ага жөнүндө ыр» балеттери, спектаклдерге ж-а кинофильмдерге жазган музыкалары, вокалдык чыгармалары бар. СССРде гастролдо болгон.

ТЕОКРАТИЯ (гр. theós — кудай ж-а krátos — бийлик, күч) — саясий ж-а диний бийлик чиркөө колунда топтолгон мамлекет формасы. Т-лык мамлекеттерде жог. бийлик адатта үстөмдүк кылган чиркөө башчысына таандык болуп, ал «кудайдын жердеги элчиси» аталып, иш жүзүндө мамлекетти бийлөө дин кызматкерлерине жүктөлгөн. «Кудайдын амири» закон деп табылган. Кул ээлик коом доорунда Байыркы Чыгыш деспотиясы (Египет, Вавилония, Араб халифтиги ж. б.) Т-нын үлгүсү болгон. О. кылымда рим папасынын Т-лык бийлиги Папа аймагына орногон. Католицизмдин саясий доктринасы б-ча европ. монархтардын бийлиги рим папасынын жог. бийлигине көз каранды деп эсептелинген.

Азыркы мезгилде Т-лык формалар эскинин калдыктары катары гана артта калган өлкөлөрдө сакталган.

ТЕОРЕМА (гр. theoréō — изилдейм, карайм)—чын же жалган экени далилдөө аркылуу аныкталуучу матем. түшүнүк. Аны далилдөөдөгү биринчи түшүнүк матем. чындык катары далилдөөсүз кабыл алынат да (к. *Аксиома*), калган Т-лар логиканын эрежесине ылайык далилдене берет. Т. шарттан ж-а корутундудан турат. Корутундунун тууралыгы шарттын ж-а мурда далилденген матем. түшүнүктөрдүн негизинде далилденет. Мис., эгер борб. бурчтар конгруэнттүү болсо, анда аларга туура келүүчү жаалар конгруэнттүү (түз. Т.). Т-нын түз, тескери ж-а карама-каршы түрлөрү бар.

ТЕОРИЯ (гр. theoréō — карайм, изилдейм) — кең маанидеги кандайдыр бир көрүнүштү түшүндүрүүгө багытталган көз караштар, түшүнүктөр ж-а идеялар жыйындысы; тар маанидеги болмуштун белгилүү тармагынын закон ченемдүү ж-а олуттуу байланыштары ж-дө бүтүндөй түшүнүк берүүчү ил.-билимдерди уюштыруунун эң жог. өнүккөн формасы.

Т. ич ара болунгон ж-а бир элементтин экинчи бир элементке логикалык көз карандылыгын мүнөздөөчү билимдердин бирдиктүү системасын түзөт. Коомдук практикага негизделип, турмуштун закон ченеми, олуттуу байланышы ж-дө бүтүндөй так, системалуу өнүгүп туруучу маалымат берүү м-н бирге практикалык иш аракетти программалоонун ж-а ил. далилдөөнүн эң жог. формасы болуп кызмат кылат. Практикалык иш-аракет тажрыйбасын жалпылап гана тим болбостон, аны чыг-лык м-н кайра иштеп чыгып, практикага жаңы жол ачып, аның чегин кеңейтет.

Марксизм-ленинизм Т-лык схоластиканын Т-ны этибарга албай, аны практика м-н окшоштуруусун, о. эле турмуштан ажыратып кароосун четке кагат. Адам Т-лык билимге таянып, табигый ж-а социалдык турмушта сезим анчалык баамдабаган объективдүү закондорду түзүүгө жөндөмдүү. Т-нын ролу айрыкча социализм ж-а коммунизмди куруу доорунда эл массасынын аң-сезимдүү иш-аракетинин негизинде өзгөчө күчөйт.

В. И. Ленин көрсөткөндөй, рев-ячыл Т-сыз рев-ячыл кыймыл болбойт. Коомдук өнүгүүнүн объективдүү закондорун ачуудагы марксчыл-ленинчил Т-нын багыттоочу ролу азыркы шартта КПССтин өнүккөн соц. коомго жетекчилик кылуусунан ачык көрүнүп жатат. Т. камтыган билимдин негизиндеги турмушту максатка ылайык кайра куруу — чындыктын чени (критерий). Т-ны практикада колдонуунун жүрүшүндө аның өзү да жетилип өнүгөт. Т. жандуу байкоолорго таянууну, практикалык тажрыйбаны пайдалануну, аң-сезимдин эмоциялык ж-а эстетикалык жактарын турмушка жайылтууну, чыг-лык кыял жөндөмдүүлүгүн активдештирүүнү талап кылат.

Т-нын өзү дүйнөнү өздөштүрүүнүн өзгөчө формасы катары мад-т системасында теориялык эмес аң-сезимдин формалары м-н тыгыз байланышта аракеттенет. Ошондуктан аның калыптанышы, өнүгүшү ж-а колдонулушу — дайыма белгилүү идеялык көз караш, моралдык, эстетикалык факторлор м-н байланыштуу. Олуттуу ил. Т. белгилүү филос. көз караштын багыттары м-н байланышта болуп, тигил же бул ил. көз караштын бекемделишин обөлгөлөйт. О. эле жалган ил. концепцияга негизделген Т. илим тарыхында аз эмес (мис., социалдык-дарвинизм, расизм, геосаясат).

Ил.-билимдин башка түрлөрүнө (гипотеза, закон ж. б.) салыштырганда Т.— татаал ж-а өнүккөн форма. Ал билимдин закондор, классификация, типология, түшүндүрмө, схема сыяктуу ил. түрлөрүнөн айырмаланат. Бул формалар теги б-ча Т-дан мурун чыгып, ага база болушу ыктымал, бирок алар көп убакта Т. м-н жанаша жашайт. Дүйнөнү алганда теориялык ой жүгүртүү зарыл түрдө ар кандай илимди жандаганы м-н чынында илимдин эң өнүккөн этабында пайда болот.

Т. античный илимде (Евклид) пайда болуп, аны м-н катар теориялык билимдин түзүлүшү ж-дө ой жүгүртүү да келип чыккан (Аристотель, стоиктер). Теориялык билимдин андан ары өнүгүшүндөгү ири кадам тажрыйбалык табият таануунун пайда болушуна ж-а анын 16—18-к-да өнүгүшүнө байланыштуу. 19-к-дын 1-жарымында эмпириялык материалдын топтолуп, иштелип чыгышы, эмпириялык жалпылоо ж-а закон ченемди табуу таанымдын негизги мазмунун түзүп, алар теориялык ой жүгүртүүнүн өнүгүшүнө кандайдыр бир деңгээлде көз каранды болгон.

Илимдин өнүгүшүнүн жалпы тенденциясы теориялык изилдөөлөрдүн өнүгүшүнө, аның концепциялык аппаратынын өркүндөшүнө, өз алдынча тармактардын болүнүп чыгышына байланыштуу. Илимди теориялаштыруу процессине ил. ой жүгүртүү ж-а ил. абстракцияларды иштеп чыгуу жөндөмдүүлүгү кирет. Илимдин эмпириялык стадиясынан теориялык стадиясына өтүү кезинде идеалдаштыруу, гипотезаалык негиздер сыяктуу алгачкы теориялык конструкциялар калыптанат. Бирок алар Т-га булак болгону м-н аның пайда болушу көп деңгээлдүү конструкциялардын түзүлүшүнө көз каранды. Ошондуктан Т. билимдердин бирдиктүү системасынын бүтүндүгү болуп саналат. Т-нын структурасын төмөнкү негизги компоненттерге бөлүү кабыл алынган: 1) белгилүү тармактагы көптеген тизмектелген фактылардын маалыматын камтыган алгачкы эмпириялык негиз; 2) постулат, аксиома, жалпы закондор сыяктуу алгачкы Т-лар; 3) логикалык корутундулар ж-а далилдөөлөр; 4) теорияда далил м-н чыгарылган ырастоолордун жыйындысы.


Т. көп учурда эмпириялык изилдөөлөрго көз каранды болбой, матем. ж-а логикалык формализмдер аркылуу өнүгөт. Аның мындай өз алдынчалыгы — теориялык ой жүгүртүүнүн артыкчылыгы. Бирок Т. негизинен эмпириялык изилдөөлөр м-н ажырагыс бирдикте аракеттенет.

Лд.: Энгельс Ф., Диалектика природы, Маркс К., Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 20; Ленин В. И., Эмне кылуу керек?, Чыт., кырг. 1-бас., 5-т.; ошонуку, Материализм жана эмпириокритицизм, ошондо, 14-т.; ошонуку, Философиялык дептерлер, ошондо, 38-т.; Мамчур Е. А., Проблемы выбора теории, М., 1975.

ТЕОРИЯЛЫК АСТРОНОМИЯ, к. *Астрономия.*

ТЕПКЕ — Ысык-Көл обл-нын Ак-Суу р-нундагы Каракол айыл советине каратуу кыштак. «Каракол» с-зунун аймагында. Тепке дөңсөөсүнүн этегинде жайгашкан. Райондун борбору Теплоключенкадан (Ак-Суу) 18 *км* түн. тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 210 *км*. Калкы 539 (1979). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар. Т. 1912-ж. орношкон.

ТЕПЛОВОЗ — ичинен күйүмө кыймылдаткычтуу *локомотивдин* бир түрү. Т-дун негизги бөлүктөрү: жылуулук кыймылдаткыч, күч бергич система, экипаж бөлмөсү, кошумча жабдуулар. Жылуулук энергия жылуулук кыймылдаткычта жагылган отундан алынат. Кыймылдаткыч жылуулук энергияны электр же мех. энергияга өзгөртүп, Т-ду жылдыруучу жупташ дөңгөлөктөргө берет. Т-ду т. ж-дө пайдалануу идеясы 19-к-дын аягында эле белгилүү болгон. Магистраль Т-у биринчи жолу СССРде




ТЭП-60 тепловозу.

1924-ж. Я. М. Гаккелдин долбоору б-ча жасалган. Т. — эң үнөмдүү локомотив, аны жагылган отунду пайдалануусу паровоздукуна караганда 6 эсе натыйжалуу. Азыркы Т-дун п. а. к. 28—32%, ылдамд. 120—160 *км/с* ж-а андан да жогору, кубаттуулугу 300—4000 *квт*.

Лд.: Якобсон П. В., История тепловоза в СССР, М., 1960; Тепловозы СССР. Каталог-справочник, М., 1974.

ТЕПЛОКЛЮЧЕНКА, Ак-Суу — Ысык-Көл обл-ндагы Ак-Суу р-нунун борбору, кыштак. Теплоключенка айыл советине карайт. «Заря коммунизма» к-зунун аймагында. Ак-Суу өрөөнүндө жайгашкан. Пржевальск ш-нан 8 *км* чыгыш тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 227 *км*. Калкы 8100 (1979). Орто мектеп, сегиз жылдык көмөкчү мектеп, мад-т үйү, 2 китепкана, оорукана бар. Т. 1847-ж. орношкон.

ТЕПЛОКЛЮЧЕНКА ЗАКАЗНИГИ 1958-ж. Тескей Ала-Тоонун түн. капталында, Ак-Суу ж-а Арашан капчыгайынын боюнда уюштурулган. Жыланды, Ак-Таш, Зындан, Ак-Суу, Арашан өрөөндөрүн камтыйт. Аянты 300 миң *га*, анын 7 миңи табигый ж-а тигилме токой. Заказник токой байлыгын, айбандарын ж-а куштарын кобойтүү, аларды коргоо ж-а изилдөө



максатында уюшулган. Токойдо негизинен тянь-шань карагайы, арча, кайың, четин, тал, шилби, карагат, суу жээктеп чырганак, ит мурун, жылгын, о. эле тигилген ар түрдүү кызыл карагай, кайың ж. б. бак-дарак өсөт. Тоо этектери бетеге, шыбактуу келип, өсүмдүктөрдүн жүздөн ашык түрү кездешип, улам бийиктеген сайын карагайлуу суюк токойго айланып, бийик тоолуу шалбаага өтөт. Жаныбарлардан тоо эчки, элик, аркар, бугу, аюу, доңуз, илбирс, кашкулак, суур, тыйын чычкан, улар, кекилик, бүркүт ж. б. мекендейт. Заказниктин аймагынан Арашан ж-а Ак-Суу суулары агып өтөт.

ТЕПЛОКЛЮЧЕНКА ТАЖРЫЙБА ТОКОЙ ЧАРБАСЫ мурдагы Ак-Суу таяныч пунктунун негизинде 1946-ж. Ак-Суу р-нунун аймагында уюшулган. Кыргыз ССР ИАнын токой чарба бөлүмүнө карайт. Чарбанын жалпы аянты 5 миң *га*. Негизинен тянь-шань карагайы деңиз деңг. 1900—3200 *м* бийикте өсөт. Бак-дарак, карагай көчөтүн өстүрүп, жыл сайын ар кайсы чарбаларга берип турат.

ТЕПЛОХОД — сууда жүк ташуучу, ичинен күйүмө кыймылдаткычтуу кеме. Эң биринчи үч кыймылдаткычтуу Т. «Вандал» Россияда (1903) курулган. Т-дун ичинен күйүмө кыймылдаткычын жакшыртуу, аның п. а. к-н көбөйтүү, массасын, өлчөмүн азайтуу, ишенимдүүлүгүн жогорулатуу, кубаттуулугун арттыруу м-н буу машиналуу кемелерди колдонуу азайтылды. Азыр Т-дун негизги кыймылдаткычы катары эки ж-а төрт тактылуу, жай, орточо ж-а өтө тез айлануучу ичинен күйүмө кыймылдаткычтар пайдаланылат. 1975-ж. курулган

Т. кыймылдаткычтарынын кубаттуулугу 36 300 *квт*ка (48 000 а. к.) жетти. Т. көбүнчө контейнер ж. б. жүктөрдү ташыйт.

ТЕПШИ, *дагара, илеген, чылапчын, таштек, жам, кош кулак* — кыр жуушка ж. б. арналган идиш. Т. алгач арча, өрүк, тыт, бака терек ж. б. жыгачтан оюлуп, төрт бурчтуу же сүйрү жасалган. Т-нин оозу кеңирээк ж-а узунураак, түбү куушураак ж-а жантайыңкы (трапеция) түрдө жасалган. Темир доорунан баштап Т. ар кыл металлдан, азыр пластмассадан да жасалып, эки капталына тутка (кулак) чыгарылып, ө. ж. ишканаларында даярдалат.

ТЕРАПИЯ (гр. therapéia — дарылоо) — 1) оорулууну дарылоого багытталган чаралардын комплекси. Анын методдору табигый (диетотерапия, суу менен дарылоо, *климатотерапия, витамин менен дарылоо, балкан менен дарылоо* ж. б.), медикаменттик (түрдүү дарыларды колдонуу), *серотерапия, вакцинотерапия,* операциялык болуп бөлүнөт. 2) **Ички органдардын ооруларынын клиникасы** — ички органдардын ооруларынын (өпкө, жүрөк, бөйрөктүн оорулары, кандын айланышынын, *тамак сиңирүүнүн, ички секрециянын* бузулуулары ж. б.) себептерин (к. *Этиология*), өөрчүү механизмин (к. *Патогенез*), аныктоосун (к. *Диагностика*), дарылоосун ж-а алдын алуу жолдорун изилдөөчү негизги клиникалык дисциплина. Т-нын тарыхын к. *Медицина* макаласынан.

Азыр Т-дан өзүнчө тармактар болүндү (к. *Гематология, Кардиология, Нефрология, Пульмонология, Ревматология, Эндокринология)* ж-а экономикасы өнүккөн өлкөлөрдө жүрөкөн тамыр ооруларынын себептерин, дарылоо ж-а алдын алуу жолдорун изилдөөлөргө көп көңүл бурулууда. СССРде Т-нын өзгөчөлүгү сов. саламаттык сактоонун профилактикага багытталган принциптеринен ж-а теориялык медицинанын негизинен келип чыгат. СССРде Т. бардык мед. ин-ттарда сабак катары 3—6-курста окулат. Врач-терапевттерди даярдоо интернатурада, ординатурада, аспирантурада ж-а врачтардын билимин өркүндөтүү ф-теттеринде жүргүзүлөт. КММИде Т. б-ча 5 кафедра бар. Кыргыз ССР саламаттык сактоо мин-восуна караштуу адистештирилген Кардиология ил. из. ин-ту уюшулган (1977).

Ад.: Тареев Е. М., Внутренние болезни, 3 изд., М., 1957; Лушников А. Г., Клиника внутренних болезней в СССР, М., 1972; Гукасян А. Г., Эволюция отечественной терапевтической мысли. (По материалам съездов и конференций терапевтов), М., 1973.

ТЕР БЕЗДЕРИ — кишиде ж-а кээ бир сүт эмүүчүлөрдө тер чыгаруучу жонокой түтүктүү бездер. Т. б-нин көбү бут, кол, бармактарда, алаканда, таманда, колтукта, жука чурайда жайгашкан. Т. б. бутактанбаган тер чыгаруучу түтүкчөдөн ж-а терининн торчо катмары м-н тери астындагы клетчатканын ортосунда жайгашкан чырмалган түйдөкчөдөн турат. Алар терининн бетинде майда тешикче м-н бүтөт. Т. б-н симпат нервдери нерв-дештирип, дүүлүгүүдө алардын учунан парасимпат нервдеринин медиаторлорунун бири — ацетилхолин бөлүнүп чыгат. Тер м-н организмден керексиз заттар чыгарылат.

ТЕРБИЙ (лат. Terbium), Tb — *лантаноиддер* тобундагы хим. элемент, ат. н. 65, ат. м. 158,9254.

ТЕР-ГАБРИЭЛЯН Саак Мирзоевич [15(27). 2. 1886, Аверб. ССРи, Тоолуу Карабах АО, Шуше ш.— 19. 8. 1937]— сов. мамлекеттик ж-а парт. ишмер. 1902-жылдан Компартия мүчөсү. Кийим тигүүчүнүн үй-бүлөсүнөн. Баку да 1905—07-жылдардагы рев-яга катышкан. РСДРП Баку комитетинин мүчөсү (1907). Февраль рев-ясынан (1917) кийин Баку советинин Президиумунун мүчөсү. Баку коммунасы (1918) мезгилинде нефть б-ча комиссар ж-а атайын комиссиянын (ЧК) пред-ли. 1918—19-ж. РСФСР ЭКСтин өнөр жайды ж-а армияны нефть продукциясы м-н жабдуу б-ча ташшырмасын аткарган. 1920-ж. Армения рев-комунун мүчөсү. 1921-ж. Армян ССРинин РСФСРдеги, 1923—28-ж. ЗСФСРдин СССР ЭКСтеги туруктуу өкүлү. 1928—35-ж. Армян ССР ЭКСтин пред-ли. Закавказье крайкомунун ж-а Армения КП(б) БКнын бюро мүчөсү. ВКП(б)нин 10, 12—17-съездеринин делегаты. СССР ББАКтын ж-а БАКтын мүчөсү, алардын Президиумунун мүчөлүгүнө кандидат.

ТЕРГӨМӨ СӨЗДӨР, к. *Табу.*

ТЕРГӨӨ — уголовный процессте уголовный иштин туура чечилиши үчүн жагдайларды айкындоо. Сов. укук б-ча Т. алдын ала Т., соттук Т. болуп бөлүнөт. Алдын ала Т.— уголовный процесстин баскычынын бири. Ал иш козгоодон кийин башталып, далилдерди жыйноону ж-а текшерүүнү камтыйт. Ага айыбын угузуу, коюлган чараны өзгөртүү, айыпкердин, жабырлангандын, доочунун ж. б. жактардын закондуу кызыкчылыгын камсыз кылуу, кылмышка түрткү болгон жагдайлар кирет. Алдын ала Т. закондо көрсөтүлгөн мөөнөттө, айыптоо корутундусун түзүү же ишти кыскартуу токтому м-н аяктайт. Сот Т-сү — сот жүргүзүүнүн бир баскычы. Анда биринчи инстанциядагы сот өз заседаниесинде алдын ала Т-дө чогултулган далилдерди изилдеп, кошумча далил жыйнайт ж-а аны текшерет. Бул иштин ар тараптан объективдүү текшерилип, адилет чечилишин камсыз кылат. Соттук Т-дө процесске катышкан жактар процесстик тең укуктуулук м-н ишке катышат, ооз эки жоон берип, иш ачык каралат.

ТЕРГӨӨ АРАКЕТТЕРИ — сов. укукта тергөөчүнүн, алгачкы тергөө (дознания) органдарынын, соттун закондо көрсөтүлгөн тартипте далилдерди чогултуу ж-а текшерүү б-ча жүргүзгөн иштери. Ага сурак жүргүзүү, беттештирүү, тинтүү, камоо, корреспонденцияны алуу, салыштырып изилдөө үчүн үлгү (образец) алуу ж. б. кирет. Т. а. ар бир далилдин өзгөчелүгүнө карата закон б-ча жөнделот. Окуя болгон жерди кароодон башка бардык Т. а. иш козголгондон кийин башталат. Сотто Т. а-н иш караткан гана сот жүргүзөт. Тергөөчү, алгачкы тергөө жүргүзүп жаткан адам, сот, прокурордон башка эч кимдин Т. а-н жүргүзүүгө акысы жок. Текшерүү ж-а экспертиза тергөөчү же соттун тапшырмасы б-ча жүргүзүлгөндүктөн алар Т. а-нен айырмаланат.

ТЕРДИК — ат жабдыктын бир бөлүгү; ээрдин астына, ичмектин үстүнө салынуучу токум. Унаанын (ат, өшек, өгүз, төө ж. б.) жонун ээрге сүрдүрбөй, жоор болуудан сактоо үчүн, терди сиңдирүү ж-а ээрдин капталын жыгачтарынын жогору түшүүчү басымын жеңилдетүүгө ылайыкталган. Т. алгач эки кабатталган ичи кийиз, сыры нйленген булгаарыдан жасалган. Т. алл же эркек ээрге арналышы б-ча айырмаланып, алардыкы кооздолуп, кыргактары саймаланган баркыт же манат м-н көбөөлөнөт, кээде-кундуздун териси м-н кытатталып, 140 — 150 × 50 — 60 *см*, эркектердики 90 — 100 × 50 — 55 *см* өлчөмүндө жасалат.

ТЕРДӨӨ — тер бездеринин терди пайда кылуусу ж-а болуп чыгаруусу. Ал кишиде, маймылда, туяктууларда жакшы өөрчүгөн. Кишиде Т. үзгүлтүксүз, рефлекс аркылуу жүзөө ашырылат. Анын рецепторлору териде, ылжыр челде ж-а булчуңдарда жайгашкан. Т. чөйрөнүн жог. темп-расынан, ысык ж-а күчтүү тамактан, от ысыштан, эмоциялык абалдан ж. б. болот. Т. борборлору *мээ кыртышында,* гипоталамуста, *сүйрү мээде* ж-а *жулунда* орун алган. Дары-дармек м-н Т-нү күчөтүүгө же азайтууга болот. Т. теридеги кан жүрүүгө көз каранды: кан тамырлар кеңейгенде күчөйт, тарыганда азаят. Т. организмдин жог. темп-рага көнүгүүсүнө, суу м-н туз алмашуусуна катышат. Бейрөк ооруларында организмге керек эмес заттарды бөлүп чыгарууда Т-нүн мааниси чоң. Т. күчөсө — гипергидроз, азайса — гипогидроз, жок болсо ангидроз деп аталат. Жалпы гипергидроз жугуштуу ооруларда, уулануууда, ички секреция бездеринин функциясынын бузулушунда, ө. эле катуу Т. корккондо, бир жери ооруганда, гипо- ж-а ангидроз күйүктөн болгон тырыкта, жараатта ж. б. байкалат. Тердин составында 98—99% суу, 0,1% мочевина, сийдик к-тасы, креатинин, серин, май, холестерин, фосфаттар, сульфаттар бар. Терининн сыртына чогулган терге май бездеринин секрети да кошулат. Кээ бир ооруда тердин

составында май (мис., *себорреяда), уремияда* мочевина ж-а сийдик к-тасы, кант диабетинде кант көп болот.

Ад.: Патологическая физиология (Учебник для мед. ин-тов), под ред. А. Д. Адо и Л. М. Ишимовой, М., 1973.

ТЕРЕК — Түн. Кавказдагы дарыя. Уз. 623 *км*, алабынын аянты 43 200 *км*². Чоң Кавказдын түн. капталындагы Зильгахох мөңгүсүнөн башталат. *Дарьял капчыгайында* Каптал кырка тоосун кесип өтөт; төмөнкү бөлүгүндө ойдуң м-н агып, Каспий деңизине дельта пайда кылып куят. Ири куймалары: Гизельдон, Ардон, Урух, Малку. Жылдык орт. чыгымы чатынан 16 *км* жогору 305 *м*³/*сек*. Балыкка (лосось, жилингир, сазан, судак ж. б.) бай. Сугатка кеңири пайдаланылат. Т-те 2 ГЭС курулган; шаарлары: Орджоникидзе, Моздок, Кизляр. Өрөөнү аркылуу Аскер-Грузин жолунун бир аз бөлүгү өтөт.

ТЕРЕК — *Ички Тянь-Шандагы* суу, Ак-Сайдын оң куймасы. Ат-Башы р-нунун аймагында. Уз. 59 *км*, суу жыйноочу аянты 1160 *км*². Какшаал кырка тоосунун түн. капталынан башталат. Ири куймалары: Кыпчак (уз. 30 *км*), Түз-Бел (29 *км*), Орто-Суу (30 *км*), Сары-Иймек (47 *км*). Жылдык орт. чыгымы 9,8 *м*³/*сек*. Май айында кирип, сентябрда тартыла баштайт. Негизинен кар, булак суулары-нан куралат. Өрөөнү мал жайыты катары пайдаланылат.

ТЕРЕК — Ош обл-ныи Ала-Бука р-нундагы суу. Касан-Сайдын сол куймасы. Уз. 34 *км*, алабынын аянты 284 *км*². Чаткал кырка тоосунун түн. капталынан башталып, адегенде батыш, андан кийин түш. тарапка агат. Башкы агымынан кууп өрөөн м-н агып, ылдамд. 2—3 *м*/*сек*га жетет. Ири куймалары: Ак-Балтыркан-Сай (оң), Саардык-Сай (сол). Негизинен кар суусунан, булактардан куралат. Жылдык орт. чыгымы 1,54 *м*³/*сек*. Апрелде кирип, августта тартылат. Сугатка пайдаланылат. Жээгинде Терек-Сай ш. т. посёлкасы жайгашкан.

ТЕРЕК (Populus) — талдар тукумундагы дарак. Топ гүлү — сойкоче. Шамал аркылуу чаңдашат; эрте жазда гүлдөйт. Мөмөсү кутуча. Кеңири таралганы — мырза, кара, бака, ак, кок, бай, симон ж-а тянь-шань Т-тери. Бийиктт. 40—45 *м*, жоондугу 1 *м*ге жетет. Т.— тез өсүп, кеңири пайдаланылган дарак. Формасы ар түрдүү жазы жалбыректары кезектешип жайгашат. Түн. жарым шардын мелүүн алкагында 100дөй, СССРде 30 (Кыргызда 8) түрү кезигет. Кыргыз ССР ИАнын ботан. багында 106 түрү ж-а формалары климатка байырлаштыруу максатында өстүрүлүүдө. Уруктары өндүрүмдүүлүгүн тез жоготкондуктан негизинен калемчелер, сабактары аркылуу көбөйөт. Сеңгөгү кагаз, ширеңке, фанера жасоодо, курулушта колдонулат.



Теректин мөмөлүү бутагы: 1 — кара теректики; 2 — жыттуу теректики.

Ад.: Богданов П. Л., Тополя и их культура, 2 изд., Л., 1965.

ТЕРЕК — Ош обл-ныи Совет р-нундагы Кызыл-Жар айыл советине караштуу кыштак. Сидоров атн. с-здун аймагында. Райондун борбору Кара-Кулжадан 95 *км* чыгыш тарапта. Кара-Суу т. ж. станциясынан 195 *км*. Калкы 765 (1979). Орто мектеп, китепкана, медпункт бар.

ТЕРЕК ЖЫЛКЫСЫ — миниң жылкынын породасы. Ставрополь крайынын Терек ж-а Ставрополь жылкы з-дорунда стрелецкий ж-а араб жылкысынын негизинде татаал аргындаштыруу м-н чыгарылган. Т. ж. араб жылкысынан ирдуурөөк, бирок тыңкы түспөлү окшош. Айгырынын орт. бийиктт. 154, түлкү бою 154, көкүрөк курчамы 178, шыйрагынын жоондугу 19,4 *см*. Өңү көбүнчө боз. Негизинен унаа катары пайдаланылат. 1200 *м* аралыкты 1 *мин* 21,2 *сек*, 2400 *м*ди 2 *мин* 38,8 *сек*, 3200 *м*ди 3 *мин* 38 *сек*да чуркап өтөт. Порода Ставрополь, Краснодар крайларында, Кабарда-Балкар, Дагстан ж-а Түн.-Осетин АССРлериңде, Грузияда, Арменияда ж-а Аверб-нда асыралат.

ТЕРЕК КЕНИ — Ош обл-ндагы сурьма рудасы чыккан жер. Чаткал кырка тоосунун түш. капталында жайгашкан. Кенди 1935-ж. СССР ИАнын Тажик-Памир экспедициясынын кызматкерлери О. И. Некрасова м-н Н. Б. Маслобоев ачкан. 1940—60-ж. мезгилмезгили м-н Кыргыз ССР геол. башкармасы тарабынан геол. чалгындоо жумуштары жүргүзүлүп, запасы эсептелген. Кен аймагын протерозой эрамында, силур, девон ж-а карбон мезгилдеринде пайда болгон аки таш тегиси, мрамор, кристаллдуу сланец, кумдук, конгломерат, алевролит текстери түзөт. Бул тектер татаал бүктөлүүлөргө дуушарланып, субмеридиан багытындагы Терек брахиантиклиналь бүктөлүүсүн түзүп жатат. Аларды девондун ортосундагы диорит-гранит ж-а таш көмүр мезгилинин ортосундагы ультрабазит-габбро-диорит-гранит интрузиялары жиреп чыккан. Чокмо тоо тектер интрузиянын таасиринен роговиктерге ж-а жаспероидерге айланган. Сурьма рудалары негизинен кабат түрүндө брекчияланган роговик м-н аки таш тектеринин контактысында топтолгон. Руда антимонит, пирит, аз өлчөмдө сфалерит, буланжерит, жемсонит, цинкинит, тетраэдрит, арсенопирит, пирротин, марказит ж. б. минералдардан турат. Рудалардын тулкуларынын уз. 40—150 *м*ге созулуп, калың. 0,5—1,90 *м*ге жетет. Кен герцин металлогениялык доордо гидротерм жолу м-н пайда болгон. Кенди М. В. Фрунзе атн. Кадамжай сурьма комбинаты казып алууда.

Ад.: Рудные месторождения СССР, т 2, М., 1974.

ТЕРЕК-КУМА КАНАЛЫ Терек д-нын сол жээгинен (Павлодольский станицасы) башталып, Кума д-на куят. 1952—60-ж. курулган; уз. 150,3 *км*; башкы курулмасынын суу өткөрүү жөндөмд. 200 *м*³/*сек*га чейин. Жылдык орт. чыгымы 2,7 млрд *м*³; 1,2 млрд *м*³ сууну Кума-Манып каналы аркылуу Чограйский суу сактагычына берет. Т.-К. к-нан Наурск-Шелковский, Караногай, Кума сугат тармактары чыгат. Кеме жүрөт. Канал 72,9 миң *га* жерди сугарат (1975).

ТЕРЕК-КУМА ОЙДУҢУ *Кавказ өндүрүнүн* чыгышында, Каспий бою ойдуңунун түш.-батыш бөлүгү. Чоң Кавказдын этеги, Ставрополь дөңсөөсү, Каспий деңизи, Кума-Манып ойдуну м-н чектелет. Бийикт. 100 *м*ге чейин (чыгышы океан деңгээлинен төмөн жатат). Үстүңкү бети түзөң; Терек д-нан түндүккө карай эол кум массивдери жатат. Түш.-чыгышын жө Терек м-н Сулак д-ларынын төмөнкү бөлүктөрүн саздуу, дельталуу түздүктөр ээлейт. Шыбак-кылкандуу кургак талаа ж-а жарым чөл (Ногой талаасы) өсүмдүктөрү басымдуу.

ТЕРЕК-САЙ — Ош обл-ныи Ала-Бука р-нундагы Терек-Сай поссоветине караштуу ш. т. посёлка. Райондун борбору Ала-Букадан 42 *км* түн.-батыш тарапта. Үч-Коргон т. ж. станциясынан 85 *км*. Калкы 1954 (1979). Тоокен байытуу ф-касы, орто мектеп, клуб, китепкана, оорукана, медпункт бар. 1940-ж. орношкон.

ТЕРЕК-СУНЖА ДӨҢСӨӨСҮ *Кавказ өндүрүнүн* түш.-чыгышында, Терек д-нын түштүгүндө. Кендик багыттагы Терек (бийикт. 664 *м*) ж-а Сунжа (926 *м*) тоолорунан турат. Алар Алханчурт өрөөнү аркылуу болүнөт. Талаа ландшафты басымдуу. Сунжа тоосунун түн. капталында жазы жалбыректуу токой өсөт.

ТЕРЕК-СУУ — Нарын обл-ныи Ат-Башы р-нундагы Кара-Суу айыл советине караштуу кыштак. Калинин атн. к-здун аймагында. Кара-Коюн суусунун боюнда. Райондун борбору Ат-Башыдан 12 *км* түш.-батыш тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 232 *км*. Калкы 1080 (1979). Орто мектеп, китепкана, медпункт бар. 1932-ж. орношкон.


ТЕРЕК-СУУ — Ош обл-ныи Совет р-нундагы Капчыгай айыл советине караштуу кыштак. «Кызыл Байрак» к-зунун аймагында. Райондун борбору Кара-Кулжадан 40 *км* түш.-чыгыш тарапта. Кара-Суу т. ж. станциясынан 141 *км*. Калкы 485 (1979). Сегиз жылдык мектеп бар.

ТЕРЕК-СУУ — Ош обл-ныи Токтогул р-нундагы Кетмен-Төбө айыл советн-

не каратуу кыштак. Токтогул атн. с-здун аймагында. Райондун борбору Токтогулдан 32 *км* батыш тарапта. Таш-Көмүр т. ж. станциясынан 160 *км*. Калкы 2912 (1979). Орто мектеп бар.

ТЕРЕКТИ ТООСУ Борб. Тянь-Шандын батышында. Теректи ж-а Уч-Көл сууларынын аралыгында кендик багытта жайгашкан. Уз. 48 *км*, туурасы чыгышында 5—6 *км*, батышында 10—12 *км*. Эң бийик жери 4930 *м* (Баш-Көл суусунун төрүндө). Кыры аскаасоокалуу; капталдарына тик, терең тилмеленген эрозиялык рельеф мүнөздүү. Моңгунун жалпы аянты 30 *км*² (көбү батыш бөлүгүндө). Ири моңгулөрү: Айлампа (уз. 7 *км*), Сары-Ичке (5 *км*). Байыркы муз кантоонун издери сакталган. Конгломерат, сланец, кумдук, акиташ, аларды жиреп чыккан гранит-диориттерден ж-а кызыл түстүү чөкмө тектерден турат. Ландшафты бийиктик б-ча өзгөрөт: 2900 *м*ге чейин бийик тоолуу жарым чөл, 3300—3400 *м* бийикте талаа, талбаалуу талаа ж-а субальп, 3600—3700 *м*де альп, 3700—4000 *м*де тоо тундра өсүмдүктөрү өсөт; 4000 *м*ден жогору гляциалдык-нивалдык алкак жатат.

ТЕРЕНДИК ЧЕНЕГИЧ — оюктардын, жаракалардын терендигин, урчук, капталдардын бийиктигин ж. б. чендөөчү прибор. Т. ч-тин негизи чендөөчүү бийиктиктин түбүнө орнотулат. Эсептегич түзүлүшүнүн түрү б-ча Т. ч. штанген Т. ч. (өлчөө чеги 500 *мм*ге чейин, тактыгы 0,05 ж-а 0,1 *мм*); микрометрдик Т. ч. (өлчөө чеги 150



Индикатордук терендик ченегич: *1*—негизи; *2*—кармагыч; *3*—индикатор; *4*—индикаторду бекитүүчү винт; *5*—алмашмалуу өлчөгүч өзөк.

мм, тактыгы 0,01 *мм*); индикатордук Т. ч. (өлчөө чеги 100 *мм*, тактыгы 0,01 *мм*) болуп бөлүнөт. Булардын ичинен штанген Т. ч. кеңири колдонулат.

ТЕРИ — айбандар м-н кишинин организмин тышкы таасирлерден сактап, о. эле сезүү, ват алмашуу, кээде *жылуулукту жөнгө салуу* кызматын аткаруучу дене кабыгы. Т. организмге уу заттардын, оору козгогучу микробдордун киришине тоскоолдук кылат. Т-де басымды, оорунуу, суукту, жылуунуу сездиргич *рецепторлор* жайгашкан. Т. сырткы үстүңкү (эпителий) ж-а ички (накта Т.) кабаттан турат. Эпителий (Т-нин кыртышы) бир же көп клеткалуу түрдүү бездерге бай. Эпителийден ширетилип чыккан катуу заттар скелет ж-а коргоочу элементтерди (мис., *моллюскалардын* үлүл кабыгы, *акулалардын* тиштүчөсүнүн эмалы), эпителий клеткаларындагы цитоплазманын өзгөрүүгө учураган бөлүктөрү хитиндүү панцирди (мис., *муунак буттуулардын* скелети) ж-а мителердин *кутикуласын* түзөт. *Омурткасыздардын* Т-сынын эпителийи бир кабаттуу клеткалардан турат. *Омурткалууларда* ал көп кабаттуу; анын сырткы бетинде чоро айланган өлүү клеткалар бири бирине жабышып түссүз какачты пайда кылат да, ал ар дайым жышылып, күбүлүп турат. Алардын астында жаткан тирүү клеткалардын тынымсыз көбөйүшүнүн натыйжасында булар улам жаңылары м-н алмашылат. Эпидермистин клеткалары болжол м-н 20 суткада жаңырып калыбына келип турат. Эпидермис көпчүлүк сүт эмүүчүлөрдө ж-а киши-де май, тер, сүт чыгаргыч бездерди пайда кылат. Тери майы эпидермисти ж-а чачты (түктөрдү) майлап жумшартат, денеңин ичине суунуу киргизбейт. Т. бөлүп чыгаруу функциясын аткарат (к. *Тер бездери, Тер-дөө*). Т-нин **туташтырма ткандуу** кабаты (накта Т. же дерма) коллаген ж-а чоюлгуч талчалардан турат. Эпидермис м-н дермада пигмент клеткалары жайгашкан. Күн нурунун таасири м-н Т-нин пигменттениши көбөйөт. Чоң кишинин Т-синин калың. 0,5—4 *мм*, аянты 1,5—2 *м*². Т-нин астында майлуу клетчатка жайгашкан. Бул катмар организмди өтө муздан кетүүдөн сактайт, о. эле денеге тийген соккуларды бир аз жумшартып, анда организмдин запас майлары жыйылат. Т-нин жабыркашын к. *Пиодермия, Дерматомикоздор, Трихофития, Таз.*

Ад.: Многотомное руководство по дерматовенерологии, т. 2. Л., 1961; Гистология, под ред. В. Г. Елисеева [и др.], 2 изд., М., 1972.

ТЕРИ АШАТУУ — тери иштетүүнүн элдик ыкмасы. Ал малчылык м-н кесип кылган кыргыз, казак ж. б. көчмөн элдерге кеңири тараган. Жаңы союлган майда жандыктын териси тегиз, күнөс жерге жайылып кургатылат, бетине ашатыкы (туз, айран, уп же улпак аралашмасы) сыйпалат. Ал кургап баратканда ашатыкы 4—5 ирет кайталанып сыйпалып, күндүн плеби кайткан соң, тыкан оролуп коюлат. Ушундай ыкма 7—10 күнчө кайталанат да, тери пийне келгенде нымыраак бойдон баканга арта салынып, колоко жерге жайылат. Кээде тери (көбүнчө бодо малдын, кийиктин териси) чоң челекке куюлган аштыкка (малмага) салынып, күн аралыш аралаштырылып, 6—7 күнчө аштылат. Т. а-нун бул ыкмасы **малмага салуу** деп аталат. Мындайча ашатылган тери өндөлүп, ийленип, боёлгон соң ар кыл идиш (көкөр, көпөчөк), кийим-кече (өтүк, маасы, жаргак шым, тон, ичик, тебетей, кол кап, тумак ж. б.), ат жабдыктары ж. б. жасалат.

ТЕРИ ООРУЛАРЫ — терининн ж-а тери-деги чач, тырмак, о. эле былжыр челдердин жабыркашы м-н мүнөздөлгөн оорулар. Аларга терининн ириңдүү оорулары (к. *Пиодермия*), туберкулёзу, *дерматит, трихофития дерматомикоздор, котур*, о. эле организмдин көэ бир заттарга, өсүмдүктөргө өтө сезгичтигинен пайда болгон терининн бузулуулары (к. *Токсидермия*) ж. б. кирет. Териде түрдүү *сөөл, кал*, шишик пайда болушу мүмкүн. Т. о-н *дерматология* изилдейт.

ТЕРИ СЫРЬЁСУ—бакма ж-а жапайы айбандардын, деңиз жаныбарларынын, балыктын ж-а рептилиянын булгаары жасоодо пайдаланылчу териси. Белгилүү түрдөгү булгаары жасоо үчүн терининн жарактуулугу, аны ийлөөнүн өзгөчөлүгү, терининн калыңдыгы, калыңдык бирдейлиги, чоңдугу, массасы, тыгыздыгы, эпидермасынын ж-а жүнүнүн калыңдыгы, тери булаларынын чырмалыш мүнөзү, тери астындагы клетканын калыңдыгы ж-а абалы, топографиялык участкаларынын өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү ж-а даражасы, белоктуу заттардын составы, касиеттери, кемчилиги б-ча аныкталат. Терининн жог. касиеттерине айбандын түрү, тукуму, жынысы, жашы, багуу ж-а жашоо шарттары, союш мезгили, ыкмасы, терини сыйруунун жолу ж-а сакталышы таасир этет. Т. с. майда, ири ж-а чочко териси болуп бөлүнөт. Т. с-нун сапаты органолептикалык, микробиол., гистологиялык ж-а хим. методдор м-н аныкталат.

ТЕРМЕЗ — Өзбек ССРинидеги Сурхан-Дарыя обл-ның борбору, шаар. Афг-на чектеш жерде, Аму-Дарыянын оң жээгинде жайгашкан. Т. ж. станциясы. Эл аралык дарыя порту. Калкы 54 миң (1975). Т-де ири пахта тазалоочу, курулуш материалдар, тамак-аш ж. б. өнөр жай ишканалары иштейт. Пед. ин-т, курулуш, а. ч., физра техникумдары, мед., муз. окуу жайлары, муз. драма театр, край таануу музейи бар. Шаарга жакын байыркы Т. шаарчасы жайгашкан.

Т. Грек-Бактрия падышалыгы түшүндө (б. з. ч. 3—2-к.) пайда болуп, *Кушан падышалыгынын* (б. з. 1—4-к.) убагында гүлдөгөн. 7-к-дын аягында арабдар басып алган. 9—12-к-да Т. кол өнөрчүлөрдүн, соодагерлердин жайы болуп, феодализмдин ири шаарына айланган. 1220-ж. монголдор талкалап, 13-к-дын аягында гана кайра курула баштаган. Т-де кептеген арх-ялык ж-а арх-ралык эстеликтер бар: Будда ж-а Фаза-Тепе монастырлары (Кара-Тепеде, 2—4-к.), Кырк-Кыз сарайы (9-к.), Хаким-ал-Термез комплекси (11—12-к.), термездик Султан-Саадат сейиддеринин күмбөздөрүнүн комплекси ж. б-лар сакталган.

Ад.: Города Узбекистана, Таш., 1965; Культура Востока. Сб. Музея восточных культур, в. 1—2, М., 1927—28; Термезская археологическая комплексная экспедиция. [1936—38 гг., т. 1—2], Таш., 1940—45; Буддийский культовый центр Кара-Тепе в старом Термезе, М., 1972.

ТЕРМЕЛМЕ КОНТУР — сыйымдуулук *C* конденсатордон, индукциялык *L*

түрмөктөн түзүлүп, электр термелүүнү дүүлүктүрүүчү *электр тизмеги*. Мында термелиш жыштыгы тизмектин параметрлери м-н аныкталат. Т. к. генератор м-н күчөткүчтөрдүн резонансттык системасы катары колдонулат.

ТЕРМЕЛҮҮ — кайталанма ар кандай процесстер. Мис., маятниктин кыймылы, үн чыгаруучу перселердин термелиши, өзгөрмө токтун тизмегиндеги чыңалуунун өзгөрүшү ж. б. Физ. касиети б-ча Т-лөр электр-магниттик, мех., хим. болуп бөлүнөт.

Бардык Т. процесстери негизинен **мезгилдүү** ж-а **мезгилсиз** болуп айырмаланат. Бирдей убакытта кайра кайталанып туруучу Т. мезгилдүү Т. деп аталат. Мындай Т-дө кайталануучу процесстер регулярдуу жүрөт. Мезгилдүү Т-нүн эң жөнөкөйү— гармоникалык Т. Т-чү перселердин тең салмактуу абалынан жылышы (четтөөсү) синус же косинустун закону-на ылайык өзгөрсө, ал гармониялык Т. болот. *M* чекитинин горизонталь же вертикаль диаметрдеги проекциялары-нын (*P* же *Q* чекиттеринин) кыймылы — гармоникалык Т-нүн жөнөкөй мисалы. *P* же *Q* чекиттеринин тең салмактуу абалы Өдөн оң же солго жылыш аралыгы $x=A\cos\varphi$ м-н туюнтулат. $\varphi=\omega t$ (ω — бурчтук ылдамдык) болгондуктан $x=A\cos\omega t$. Мында A — эң чоң жылыш аралыгы, ал амплитуда деп аталат. Радиус вектордун айлануу бурчу жалпысынан $\varphi=\omega t+\varphi_0$ болсо, анда жылыш аралык $x=A\cos(\omega t+\varphi_0)$ түрүндө жазылат. φ_0 — айлануу бурчунун $t=0$ кезиндеги баштапкы мааниси. Бир толук Т. убактысы Т. мезгили деп аталат $T=\frac{2\pi}{\omega}$. Мында бурчтук ылдамдык ω айлануу жыштыгы делинет. Бир *сек* ичиндеги Т. саны Т. жыштыгы деп аталат. $\nu=\frac{1}{T}$ бирдиги *герц* (*гц*). Синус же косинус аргументи фаза деп аталып, ал Т-чү чекиттин убакыттын берилген моментиндеги абалын көрсөтөт.

Реалдуу шартта Т. кыймылына каршылык көрсөтүлгендүктөн Т. энергиясынын белгилүү бөлүгү чөйрөгө берилет да Т. басандап (амплитудасы кичирейип), акыры токтолот. Амплитуданын кичирейиши сүрүлүүнүн ж-а нурлануунун (энергиянын толкун түрүндө таралышы) натыйжасында болот. Эгер Т-чү системанын энергиясы сырткы себептин таасири м-н толукталса, андай Т. аргасыз Т. деп аталат. Демек аргасыз Т-нү мезгилдүү сырткы күч пайда кылат. Эгер таасир этүүчү сырткы күчтүн өзгөрүү жыштыгы термелүү жыштыгына дал келсе, анда Т. амплитудасы өтө чоңоёт да, резонансты (к. *Резонанс*) пайда кылат. Резонанс кубулушу электрдик Т-нү күчөтүү үчүн колдонулат. Т. системасында Т-нүн негизги үч түрү каралат: 1) өздүк термелүү, 2) флуктуациялык Т.— заттын жылуулук кыймылынын натыйжасында пайда болот. 3) автотермелүү. Т-нү 17-к-да Г. *Галилей*, голланд илимпозу Х. Гюйгенс, 19-к-да англис физиги У. Томсон, А. С. *Попов* изилдеген. Жог. жыштыктагы Т-нү изилдөөдө сов. илимпоздордун эмгеги чоң.

Ад.: Элементарный учебник физики, под ред. Г. С. Ландсберга, 7 изд., т. 1, М., 1971.

ТЕРМЕЛҮҮ АМПЛИТУДАСЫ — гармоникалык термелүүнүн эң чоң мааниси: маятниктин тең салмактуу абалынан четтеши, өзгөрмө ток күчү м-н чыңалуусу. Термелүүчү чоңдук ар бир жарым мезгилде өзүнүн эң чоң маанисине бир жолу жетет. Гармоникалык термелүүдө Т. а.— туруктуу чоңдук, к. *Гармоникалык термелүүлөр, Термелүү.*

ТЕРМЕЛҮҮДӨГҮ БАЙЛАНЫШКАН СИСТЕМАЛАР — бир эркин даражалуу системалардын жыйындысы катары каралуучу эки же андан көп эркин даражалуу термелүүчү системалар. Ар бир жөнөкөй термелүү системасынан баштапкы термелүүнүн көэ бир мүнөздүү белгилерин билгүүго болот. Т. б. с-ды түзүүчүлөрго ажыратуунун бир канча жолу бар, анын n координатасын тандап алып, алардын бироонү кезеги м-н нолго барабар эмес, ал эми калгандары ($n=1$) нолго барабар деп, ар бири эки эркин даражага ээ болгон n парциалдык (жөнөкөй) системаларды алабыз.

ТЕРМЕЛҮҮ МОДУЛЯЦИЯСЫ — белгилүү закон б-ча термелүү параметрлеринин (амплитуда, жыштык, фаза) термелүү мезгилине салыштырмалуу жай өзгөрүүсү. Модуляция *амплитудалык модуляция, жыштык модуляциясы, фаза модуляциясы* болуп айырмаланат. Бул модуляциялардын бардык түрүндө бир термелүү мезгилинде модуляциялануучу параметр өзгөрбөс үчүн Т. м-нын амплитудасынын, жыштыгынын, фазасынын өзгөрүү ылдамдыгы аз болот. Эң жөнөкөй модуляцияланган термелүү сигналы амплитудалык модуляция А аркылуу төмөнкүдөй жазылат: $x=A_0(1+m\sin\Omega t)\sin(\omega t+\varphi)$. Мында A ж-а ω — термелүүнүн баштапкы амплитудасы м-н жыштыгы, Ω — модуляция жыштыгы амплитудалык термелүүнүн өзгөрүү ылдамдыгын мүнөздөйт, m — модуляциянын терендиги, амплитуданын өзгөрүү даражасын мүнөздөйт:


$$m=\frac{A_{макс}-A_{мин}}{A_{макс}+A_{мин}}.$$

Модуляцияланган термелүү синусоида түрүндө болбойт. Мындан башка жыштыктуу модуляция ж-а фаза модуляциясы да бар. Т. м. информацияны радио же оптикалык диапазондогу электр-магниттик толкундардын жардамы м-н берүүдө колдонулат.

Ад.: Харкевич А. А., Основы радиотехники, ч. 1, М., 1962.

ТЕРМЕЛҮҮНҮН ИЗОХРОНДУУЛУГУ — термелүүчү системанын өздүк термелүү мезгилинин ошол эле термелүүнүн амплитудасына көз каранды эместиги.

ТЕРМЕЛҮҮНҮН ПАРАМЕТРДИК ДҮҮЛҮГҮҮСҮ — термелүүчү системанын кандайдыр бир «термелүү параметрлери» (термелүү системасынын кинетикалык ж-а потенциалдык энергиясынын же өздүк термелүү мезгилинин өткөргүчтөрү өзгөртүүчү параметрлердин) мезгил мезгили м-н өзгөрүүдө ал системада термелүүнүн козголушу. Т. п. д. мех. ж-а электр-дик термелүү системаларында болушу мүмкүн. Мис., сыйымдуулугу *C* конденсатордон, индуктивдүүлүгү *L* түрмөктөн турган термелүү контурунда Т. п. д. сыйымдуулукту (*C*) же индуктивдүүлүктү (*L*) өзгөртүү м-н ишке ашырылат. Өздүк термелүү системасынын бурчтук жыштыгынын



а—асма жибинин узундугу өзгөрмө маятниктин түзүлүшү; *б* — бир мезгил ичиндеги маятниктин кыймылынын схемасы.

(ω_0) системаны өзгөртүүчү параметрдин бурчтук жыштыгына (ω) катышы $^n/_2$ге жакын болгондо (мында $n=1, 2, 3, \ldots$) Т. п. д. башталат, б. а. системада ω_0 жыштыгына жакын ж-а $\omega/_2$ же ω же $3\omega/_2$ так барабар болгон жыштыктагы термелүү дүүлүгөт. Сырткы күчтүн таасири аркылуу параметрди өзгөртүп, термелүүнү дүүлүктүрүү параметрдик резонанс деп аталат. Т. п. д-н түшүндүрүүнүн мисалы: кадимки матем. маятниктин моделин блокко арта салып, анын узундугун (l) маятник четки абалга келгенде узартып, ал эми тең салмак абалга келгенде кыскартып турсак, маятник катуу термеле баштайт (к. сүрөт). Мында маятниктин энергиясынын жогорулашы жиптин узундугун өзгөртүүгө аракет эткен сырткы күчтүн аткарган жумушунун эсебинен болот. Маятниктин жибин тең салмактуу абалга келгенде кыскартса, анда сырткы күчтүн аткарган жумушу маятниктин четки абалда жипти узарткандагы аткарган жумушунан чоң. Термелип жаткан маятниктин жибинин тартуу күчү жеке эле термелүү кезинде маятниктн тең салмактоочу $mg\cos\alpha$ күчүнө барабар болбостон, маятникке борборго умтулуучу ылдамдануу v^2/l берүү үчүн сарпталат.

Ад.: Горелик Г. С., Колебания и волны, 2 изд., М., 1959; Мандельштам Л. И., Полн. собр. трудов, т. 4, М., 1955.

ТЕРМЕЛҮҮНҮ СИНХРОНДОШТУРУУ — эки же андан көп системалардын термелүүсүнүн жыштыктары барабар же бири бирине эселүү болгон режими. Мис., жыштыктары ω_1 ж-а ω_2 болгон эки автотермелүү системасынан турган бири бири м-н байланыштагы система болсо, анда



Ю. С. Терминасов.

ω_1дин мааниси ω_2-ге жакындаганда Т. с. ишке ашырылат, б. а. бул система бирдей эле жыштыкта (ω) термеле баштайт. Эки системанын термелүүсүн синхрондоштуруу да өз ара байланышта болгон системанын ар бири өздүк термелүүдөн башка, экинчи системанын таасиринен мажбурланган термелүүнү пайда кылат. Т. с. техникада, медицинада чоң мааниге ээ.

ТЕРМЕЛҮҮ СИСТЕМАСЫ — тең салмактуулук абалынын бузулушунан өздүк термелүү пайда болгон физ. система. Ал энергетикалык жактан консервативдик (энергиясы жоголбойт), диссипативдик (термелүү процессинде баштапкы берилген энергия туруктуу болбостон жумуш аткарууга сарпталат да, термелүү басаңдайт), *автотермелүү* системалары болуп бөлүнөт.

ТЕРМЕЛҮҮ ФАЗАСЫ — убакыттын ар бир моментинде термелүү процессинин абалын аныктоо м-н бүртүк бирдик аркылуу өлчөнүүчү чоңдук. Гармоникалык термелүү кыймылынын $s = A\sin(\omega t + \varphi)$ теңдемесиндеги $\omega t + \varphi$ чоңдугу Т. ф. деп аталат, мында φ — баштапкы Т. ф. (к. *Фаза*). Т. ф. негизинен гармоникалык термелүүгө тийиштүү.

ТЕРМЕ-САНАТ ЫРЛАР — адамдардын кулк-мүнөзү, үй-бүлөлүк, коомдук мамилелери, турмушка, дүйнөгө көз караштары, күнделүк турмуш тажрыйбадан чыккан филос. жыйынтыктары ж-дегү поэтикалык чыг-лар. Т.-с. ы. көбүнчө таалим-тарбия берүү максатын көздөгөндүктөн дидактикалык ад-ттын бир түрүн түзөт. Т.-с. ы. санат же насыят ырлары деп да аталат. Т.-с. ы. мааниси жагынан макалдарга өтө жакындап, турмуштук маанилүү чоң окуялар да саналып айтылат. Кыргызда Т.-с. ы-ынын мыкты үлгүлөрү Токтогул, Барпы, Алымкул, Калык өндүү акындар тарабынан чыгарылган. Т.-с. ы-ында образдуу параллелизм, анафора, эпифора, ассонанс, аллитерация сыяктуу поэтикалык каражаттар пайдаланылат.

Текст: Кыргыз элинин санат-насыят жана терме ырлары, Фр., 1973.

Ад.: Закиров С., Токомбаева А., Кыргыздын лирикаларынын жанрдык өзгөчөлүктөрү, Фр., 1964, 59—62-б.

ТЕРМЕЧИКОВ Шаршен (1896—1942) — кыргыз эл куудулу, к. *Шаршен* Термечиков.

ТЕРМИДОР (гр. thérme — жылуу, ысык ж-а dóron — тартуу) — Франциядагы 1793—1805-ж. колдонулган календарь б-ча жылдын он биринчи айы. 19/20-июлдан 17/18-августка чейинки мезгилге туура келген.

ТЕРМИДОР ТӨҢКӨРҮШҮ — 1794-ж. 27—28-июлда (респ-калык календарь б-ча 2-жылдын 9-термидорунда) Франциядагы контррев-ячыл төңкөрүш. Анын натыйжасында рев-ячыл-демокр. якобчул диктатура кулаган. Т. т. якобчул диктатуранын ички карама-каршылыктарынын ырбашынан пайда болгон кризистин негизинде чыккан. Якобчулар бурж. рев-ячыл негизги милдетин кыска мөөнөттө чечкени м-н жеке менчикке негизделген өндүрүш мамилелерин өзгөрткөн эмес. Ушундан улам ири буржуазия экон. жактан тез күчөгөн. Феодализмдин кайра калыбына келтирилиш коркунучу жоюлган соң буржуазия ж-а ооматтуу дыйкандар рев-ячыл-демокр. диктатурадан кутулууга умтулган. Якобчулардын саясатынын кайчылыгы плебейлер м-н элет кедейлеринин айрым бөлүктөрүндө нааразылык туудурган. Натыйжада контррев-ячыл төңкөрүш жеңип, ири буржуазия бийликке келген.

ТЕРМИН (лат. terminus — чек, чек ара) — илим, иск-во, техника же өндүрүшкө тиешелүү атайын бир түшүнүктү так атоо үчүн алынып, көбүнчө бир мааниде колдонулуучу сөз же сөз тизмеги. Алар белгилүү бир *терминологиянын* чегинде гана жашайт. Тилдеги башка сөздөрдөн Т. контекстке көз каранды болбогондугу м-н айырмаланат. Т-ге айланган сөз тигил же бул түшүнүк системасынын тутумунда бир маанилүү, системалуу, стилдик жактан нейтралдуу (мис., «фонема», «синус», «кошумча парк») болууга тийиш. Т. ар бир тилдин граммат. эрежелерине баш ийип, андагы сөз жасоо ыкмалары м-н жалпы элдик тилдеги созду терминдештирүү, башка тилдердеги Т-дерди кабыл алуу же калькалап которуп алуу аркылуу жасалат. Азыркы мезгилде бир эле илимге тиешелүү ар кайсы тилдеги терминдер системасын семантикалык жактан унификациялоонун мааниси чоң.

Ад.: к. *Терминология* макаласынан.

ТЕРМИНАСОВ Юрий Степанович (26. 2. 1910-ж. т., Калинин обл., Ржев ш.— 28. 12. 1978, Ленинград) — сов. физик, физ.-матем. илимд. доктору (1945), проф. (1947), Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү (1960). 1941-жылдан КПСС мүчөсү. Ленинград физ.-матем. ин-тун бүткөн (1932), ошол ин-тта ассистент (1932—41), Ленинград инженер-экон. ин-ттун физ. (1947—51) ж-а эксперименттик физ. кафедрасынын башчысы (1951—55). Кыргыз ССР ИАнын физ. ж-а матем. бөлүмүнүн башчысы (1955—60). Петрозаводск мамл. ун-тинде кафедра башчы, декан (1960—70), 1970-жылдан Куйбышев политех. ин-тунун кафедра башчысы. Т.— 129дан ашык пл. эмгектин автору. Анын негизги эмгектери металлдардын ж-а куймаларды бышыктыгына, пластикалуулугуна арналган. Металлдарды сыноодо анын касиетин изилдөөнүн жаңы физ. методун иштеп чыккан. Ар кандай темп-радагы деформацияланган металлдардын түзүлүшүн изилдеген. Кырг-нда физ.-матем. илимдеринин 12 кандидатын даярдаган.

ТЕРМИНОЛОГИЯ *(термин* ж-а *...логия)*— *лексиканын* бир тармагы; илим м-н иск-во, техника, өндүрүш, коомдук иштер б-ча бир тилде колдонулуп, тиешелүү түшүнүк системасы м-н байланышкан терминдер жыйындысы ж-а тил илиминин терминдерди изилдөөчү бөлүмү. Т. коомдун, илим м-н мад-ттын, техниканын өнүгүшүнө байланыштуу калыптанып, алардагы ар кандай өзгөрүштөргө, адамдын акыл-оюнун өнүгүш деңгээлине жараша эскилери колдонуудан калып, жаңылары пайда болуп турат. Т-да терминдерди тартипке салуу, бир түргө келтирүү сыяктуу лексикографиялык жумуштар аткарылат. Мындай иштердин аткарылышына улуттук ж-а тармактык Т. создүктөрүн түзүүнүн мааниси чоң. Т. кадимки ж-а *машина котормонун* маселелери, информация издөө системаларынын иши, документалистика ж. б. м-н байланыштуу. Т. проблемалары б-ча СССРде СССР ИАнын Ил.-тех. Т. комитети, СССР мамл. стандарты, бир катар эл аралык уюмдар: СЭВ, ЮНЕСКО (JNFOTERM) ж. б-лар иш жүргүзөт.


Кырг-нда Т. маселелерин пландуу ж-а системалуу изилдөө үчүн 1926-ж. эле Билим комиссиясына караштуу атайын терминология комиссиясы түзүлгөн. Ал комиссия тарабынан кыргыз терминдеринин системаларын создүктөр түрүндө иштеп чыгуу, бир түргө келтирүү, теориясын түзүү б-ча бир топ маанилүү иштер аткарылды, ар кайсы илим тармактарынан 70тен ашык Т-лык создүк (көбү долбоор түрүндө; 1978) жарык көрдү.

Ад.: Лотте Д. С., Основы построения научно-технической и другой терминологии. Вопросы теории и методики, М., 1961; Реформатский А. А., Что такое термин и терминология, М., 1959; Современные проблемы терминологии в науке и технике. М., 1969; Канделаки Т. Л., Значения терминов и системы значений научно-технических терминологий, в кн.: Проблемы языка науки и техники, М., 1970; Лингвистические проблемы научно-технической терминологии, М., 1970; Кыргыз терминологиясынын маселелери, Фр., 1968, 1971—72, 1975.

ТЕРМИТТЕР (Isoptera)—курт-кумурскалар түркүмү. Батачылар ж-а тараканларга окшош. Толук эмес кубулуп өөрчүп, уюктарда бир нече жүздөн бир нече млн-го чейин чогулуп жашайт. Уюкта көбөйүүгө жөндөмдүү эркектери ж-а ургаачылары («падыша түгөйү») болот. Алардан башка жыныс бездери редукцияланган эркек, ургаачылары («жумушчулары», «солдаттары») болот. Жумушчулары азык топтоп, уяларды тазалайт. Алардын денесинин уз. 2—15 *мм*, солдаттарыныкы 20 *мм*, жумуртка туюү турган ургаачыларыныкы 140 *мм*ге жетет. Т-дин ичегилеринде жөнөкөй симбионттор жашап, алар Т-ге жеген клетчаткаларын сиңирүүгө жардамдашат. Көбү жыгач сөөгөгү, көз бирлери көбөр козу карындар м-н азыктанат. Т.



1



2



3



4



5



6



7



8




9

Сүрөт макаласына. 1. Алжирдин түштүгүндөгү аска бетиндеги сүрөт. **2.** Бугу үйүрү. **3.** Ци Бай-ши. «Күзгү жыпар жыт, күзгү көрүнүш... Бейпил айыл түрмушу баарынан жакшы...». 1948. Акварель, түшь. **4.** Леонардо да Винчи. «Сырдуу кеч» сүрөтүнөн апостолдун башы. 1497. Виндзор. **5.** Рембрандт. «Айыл кечесу». Бистра ак боёк. Кисть, калем уч м-н тартылган. **6.** П. П. Рубенс. «Ыйык Стефанды таш менен уруп жазалоо». 1614-ж. чен. Италян карандашы ж-а бистра куюлган сангина. Акварель, кээ бир жери калем уч м-н иштелген. **7.** А. М. Кашкуревич. «Партизан» сериясынан «Энелер». 1969. Офорт. **8.** Р. Б. Нудель. Бэлла. 1966. Түшь. Калем уч. **9.** А. Усубалиев. «Кыргыз кызы». 1954. Карандаш.
















Тоголок Молдо макаласына. 1. Ыбрайым Абдрахманов «Манас» эпосун Тоголок Молдодон жазып алууда. Үчүнчүсү — Саякбай Каралаев. 2. Тоголок Молдо кыргыз иск-восунун Москвада өткөн 1-декадасына катышуучулардын арасында. Биринчи катар, солдон экинчи. 3. Л. А. Ильина. «Тоголок Молдо» гравюра. 1960. 4. В. Рыжов. «Бөрү менен түлкү» тамсилине иллюстрация. 1971. 5. Б. Жумабаев. «Абышка, кемпирдин көмөчү» китебине тартылган иллюстрация. 1975. 6. О. М. Мануйлова. Тоголок Молдонун эстелиги, гранит. Фрунзе ш., 1962. 7. Тоголок Молдонун китептеринин бир тобу.

жер астында, жыгач көңдөйүндө же бийиктиги 15 мге жеткен уюктарда жашайт. Тропик ж-а субтропик өлкөлөрдө Т-дин 6 түкумга кирген 2600дөй түрү кездешет. СССРде 4 түкумдун 7 түрү жолугат. Жыгач курулуштарына ж-а а. ч-на зыян келтирет.



Терміттер: *1* — ургаачысы; *2* — эркеги; *3* — ири «солдат»; *4* — кичине «солдат»; *5* — ири «жумушчу»; *6* — кичине «жумушчусу».

ТЕРМИЯЛЫК ПОНДОШТУРУУ — жог. темп-рада газды пондоштуруу. Жог. темп-рада термодинамикалык тең салмактуу абалдагы газда нейтрал молекулалар м-н бирге пондор, электрондор пайда болот. Алардын салыштырма концентрациясы термодинамикалык же статистикалык жол м-н аныкталат (к. *Пондошуу*).

ТЕРМИЯЛЫК ЧЫЦАЛУУ — персени ысытууда же муздатууда, о. эле узакка чейин жог. же төмөн. темп-рада карман турганда андагы жылуулук абалынын өзгөрүшүнөн пайда болгон чыцалуу. Мис., болот тетиктерин сугарууда аларда пайда болуучу чыцалуу; бул учурдагы Т. ч. болотту сугаруу процессиндеги мартенситке айлангандагы салыштырма көлөмүнүн өзгөрүшү болгон чыцалуу м-н тез муздатуу учурундагы темп-ралык чыцалуунун айкалышынан түзүлөт.


ТЕРМО... (гр. thérmē — жылуу, ысык) — татаал сөздөрдүн бөлүгү; өзү жалганып турган сөзгө жылуулук ж-а темп-рага байланыштуу маани кошот (мис., *термодинамика, термометр*).

ТЕРМОАНАЛИЗ — жылуулукту сиңирүү же бөлүп чыгаруу м-н жүргөн процесстердин мүнөзүн ж-а заттардын фазалык айланыш темп-расын аныктоочу физ.-хим. анализ методдору. Т-дин визуалдык методунда изилденүүчү эритмени муздатканда же ысытканда кристаллдардын пайда болушу, чаңгылттын жоголушу байкалгандагы темп-ра өлчөнөт. Бул тунук эритмеде гана колдонулат. Т-дин тагыраак методу — дифференциалдык метод. Белгилүү шартта жазылып алынган заттын физ. касиетинин өзгөрүү графиги термограмма деп аталат. Т-дин жардамы м-н изилденүүчү объектини ысыткандагы же муздаткандагы мүнөздөмөлөрүн (фазалык составын, реакциянын жылуулугун ж. б.) билүүгө болот. Т. физ.-хим. анализде системанын тең салмактуу абалында фазалардын санынын темп-рага карата өзгөрүштөрүн аныктоодо, айрым хим. кошулмаларга сапаттык анализ жүргүзүүдө колдонулат.

ТЕРМОБАТИГРАФ, кеме батитермографы — кеменин жүрүшүндө суунун терендик б-ча темп-расын ченөөчу прибор. Т-тын термоапемометрдик системасы суунун темп-расын билдирет. Ал система прибордун күйрук жагындагы каркаска оролгон узун жез капиллярдан турат. Капиллярдын бир учу данакерленип, экинчиси манометрдик спираль пружинанын кыймылсыз учуна бекитилет. Капиллярдын ж-а пружинанын ичи толуол м-н толтурулат. Темп-ра өзгөргөндө толуолдун көлөмү өзгөрүп, ага жараша манометр системасынын ичиндеги басым да өзгөрөт. Өтөндуктан темп-ра жогорулаганда манометр пружинасынын бош учу темпраның өзгөрүү чөңдүгүнө пропорциялаш бурчка жанат, төмөндөгөндө толгонот. Пружинанын бош учуна данакерделген жебе темп-раны көрсөткөн айнек пластинкага жазат. Терендик билдиргич катары жылчыксыз жабылган сильфондор пайдаланылат. Т. суунун темп-расын 0,1° ж-а андан жог. тактыкта аныктайт. Т. океанографиялык изилдөөдө, балык промыселдик чалгындоо кемесинде колдонулат.

ТЕРМОГИГРОГРАФ — абанын темпрасы м-н салыштырма нымдуулугун бир тасмада тыпмсыз каттап туруучу прибор. Т. биметаллдуу *термограф* ж-а чачтуу *гигрографтан* турат.

ТЕРМОГРАФ *(термо... ж-а ...граф)* — аба, суу ж. б-дын темп-расын тыпмсыз каттап туруучу прибор. Т-тын сезгич элементи болуп биметалл пластинкасы, суюктук термометри же каршылык термометри эсептелет. Метеорологияда сезгич элементи температ-раның өзгөрүшүнөн деформациялануучу ийилген биметалл пластинкасынан турган Т. кеңири колдонулат.



Термограф: *1* — биметалл пластинкасы; *2* — кыймыл бергич рычагдар; *3* — жебе; *4* — барабан.

Биметалл пластинкасынын кыймылы жебеге берилип, ал кагаз тасмада графикти чиет. Вертикаль б-ча 1 *мм* жазуу 1°Сге туура келет. Т. барабандын толук айлануу убактысы б-ча суткалык ж-а жумалык болуп болуңнот. Т-тын иштеши сыман термометри б-ча контролдукка алынат.

ТЕРМОДИНАМИКА — термодинамикалык тең салмактуулук абалдагы макроскопиялык системанын жалпы касиеттери ж-а ал абалдын ортосунда өтүүчү процесстер ж-догу илим. Т. статистикалык физикадан айырмаланып, кубулуштун микроскопиялык сүроттолүшүн текшербейт. Кубулуштарды көңдөгөн тажрыйбалардан жыйынтыктап алынган закондордун (б. а. негиздердин) негизинде талдап изилдейт. Изоляцияланган микросистеманын өтө көп убакыт өткөндөн кийинки абалы тең салмактуулук деп аталат. Ич жүзүндө тең салмактуулукка белгилүү убакытта (релаксация убагында) жетиши мүмкүн. Ал убакыт персенин табиятына, алардын өз ара аракеттенүүсүнө, о. эле алгачкы тең салмаксыз абалдын мүнөзүнө байланыштуу. Эгер система тең салмактуу абалда болсо, анда аның айрым макроболүкчөлөрү да тең салмакта болот. Системанын тең салмактуу абалы аз сандагы физ. параметрлер м-н мүнөздөлөт. Алардын негизгиси — темп-ра. Т-дагы негизги түшүнүктөрдүн бири — абалдын функциясы. Эгер системанын мааниси аның берилген абалга келтирилишинин жолуна байланыштуу болбосо, анда системаны мүнөздөөчү чөңдүк абалдын функциясы болот.

Т-ның биринчи законунда системанын ички энергиясы U абалдын функциясы болуп саналат да, аның өзгөрүшү dU системага берилген жылуулук саны dQ м-н система аткарган жумуштун dA айырмасы $dU=dQ-dA$ б-ча аныкталат. Бул энергиянын сакталышынын мех. ж-а жылуулук энергияларына карата айтылган энергиянын сакталуу закону.

Т-ның экинчи законуна ылайык, абалдын функциясы — системанын энтропиясы (S) деп аталган чөңдүк ж-а аның өзгөрүшү $dS=dQ/T$ катышы м-н аныкталат. Т-ның экинчи закону б-ча бардык кайталанбас адиабаттык процесстерде *энтропия* дайыма чоңоёт. Абс. темп-ра (Т) нолго умтулганда ар кандай системанын энтропиясы да нолго умтулат. Бул Т-ның үчүнчү закону (Нернст теоремасы) деп аталат.

Хим. тең салмактуулук теориясы ж-а фазалык тең салмактуулук теориясы Т-ны колдонуунун маанилүү тармактары болот. Тең салмактуулуктун орнотулуу процессинде түрдүү фазанын ортосунда заттын болүкчөлөрүнүн алмашуусу маанилүү роль ойнот, тең салмактуулуктун шарттары ж-де соз жүргүзүлгөндө хим. потенциал деген түшүнүк пайдаланылат. Табияттын жылуулук эффектиси маанилүү роль ойногон кубулуштарын изилдегенде Т-ның методдору натыйжалуу пайдаланылат.

Ад.: Зиммерфельд А., Термодинамика и статистическая физика. М., 1955; Кубо Р., Термодинамика, пер. с англ., М., 1970.

ТЕРМОДИНАМИКАЛЫК АБАЛ — *термодинамикалык системадагы* заттардын энергетикалык абалы. Т. а. белгилүү абалдагы системанын ички касиетин, аның сыртқы перселер м-н өз ара аракетин аныктаган макро-

системанын параметрлерин (темп-ра, басым, көлөм, электр потенциалы ж. б.) табу методун изилдейт. Параметрлердин ичинде белгилүү шарттарда көз карандысыз эки параметрлер болот. Башка параметрлерди ушул параметрлер аркылуу аныктоо термодинамиканын милдети.

ТЕРМОДИНАМИКАЛЫК СИСТЕМА — бири бири ж-а башка заттар ж-а өз ара аракеттенишүү, алар ж-а энергия ж-а зат алмашкан бир система. Ошол эле заттардын түрүнүн ар кандай системада да Т. с. болуп эсептелет.

ТЕРМОДИНАМИКАЛЫК ТЕҢ САЛМАКТУУЛУК — изолацияланган термодинамикалык системанын ушул убакыт өтүү ж-а өзүнөн өзү тең салмактуу (статикалык) абалга келиши. Мындай абалда система мол тең салмакта ж-а темп-расы бардык бөлүктөрүндө бирдей болуп, убакыт өтүү ж-а аның параметрлери өзгөрбөйт. Бир заттарды курчап турган чөйрө өзгөрбөсө, анда мындай абал убакыт ичинде өтө да сакталып турат. Эки (же бир нече) зат бири бирине тийгенде, жалпулуук алмашуу ариканы берүү темп-расы жогору заттан башталат. Мында Т. с. процесси башталгандыгына энергия алмашуу улана берет.

ТЕРМОДИССОЦИАЦИЯ — жог. темп-ранын таасиринен татаал заттардын кайталанма эмгроо реакциясы. Мис., $2H_2O = 2H_2 + O_2$; $2HI = H_2 + I_2$. Т. *жасалгадын аракеттенүү ассоциге* бир жет да, аның тең салмактуулук абалы диссоциациянын даражасы м-н мүнөздөлөт. Мындай реакциялар кайталанма болгондуктан массалардын аракеттенүү закону б-ча шартка жарына карама-каршы багытта жүрөт. Эгерде пайда болгон жөнөкөй заттардын бирөөнүн санын көбөйтсө, реакция башталгы татаал затты пайда кылуу жагына жүрөт да, диссоциациянын даражасы азаят. Ал эми жөнөкөй заттардын бирөөнүн санын азайтса, реакция эмгроо жагына жүрүп, диссоциациянын даражасы көбөйөт. Өндүрүштө аки тан бышыруу, цемент чыгаруу ж. б. хим. ж-а металлургиялык процесстер ушундай реакцияга негизделген.

ТЕРМОКАРСТ, *терм карсты* — рельефтин оюлуп ж-а чөгүп кеткен формасы. Темп-ранын жогорулашынан же кыртыштагы жылуулук режимдин өзгөрүшүнөн жер астындагы муз, тоо тектердеги тоңголок эригендей кийинки пайда болгон көңдөй. Мындай көңдөйлөр чөгүп, оюлуп рельефтин терс формасын (көл чанактарын, алластарды, андарды ж. б.) пайда кылат. Т. айрым учурда *солифлюкция, суффозия, эрозия* ж-а *абразия* процесстери м-н кошо кезигет. Чарбага чоң зыян келтирет.

ТЕРМОМАГНИТТУУ КУЙМАЛАР — берилген магнит талаасында магниттелиштин темп-рага күчтүү көз карандылыгы м-н айырмаланган ферромагниттүү кубилмалар. Т. н-дын бул касиети 0 ж-а 200°Сдин аралыгында ачык көрүнөт. *Кюри чекитине* жакын темп-раның бөлүнүү интервалында байланыш. Т. н-дын пайдын 3 түрү белгилүү: жез-никелдүү (25—40% Cu); темп-никелдүү (20% Ni) ж-а темп-никелдүү (25—35% Ni); температурасын Cr (16%-ке чейин), Mo (1,5%-ке чейин), Mn (2%-ке чейин). Бул топтун пайдуу өзгөчөлүгү — *гистерезистин* жоктугу.

ТЕРМОМЕТР *(терма... ж-а ...метр)* — температураны өлчөгүч прибор. Иштөө принцибине карата төмөнкүлөр, таандык ж-а көрүү переменден пайдаланган касиетине, о. эле газ басымынын же көлөмүнүн бүтүн темп-рага көз карандысыздыгына, термометр заттын түрүнө, термометрдик затка Т-н, термометрдин Т. шкаласы тараган. Температура темп-рага көз карандысыздыгын Т., газ Т-н, агуссиналык Т., магнит Т-н, о. эле атайын Т-тер, мис., метеорол. Т., *максотермометр*, суунун тереңдигинин ченегич Т., сейгич, жылуулук көлөмүнүн ар кандай болгон кристаллдардан жасалган биметалл Т-н, пьезокварцтык резонанс жыштыгынын темп-рага көз карандылыгына негизделген кварцтуу Т., *сегнетоэлектриктердин* диэлектрик кабылдоочулугунун темп-рага байланыштуу болушуна негизделген келөмдүк Т. ж. б. пайдаланылат. Т. тармагынан, медицинада, техникада ж. б. колдонулат.

ТЕРМОМЕТРИЯ *(термо... ж-а ...метрия)* — көздөлгөн физиканын темп-ралы өлчөө методдорунун ж-а өлчөгүч аспаптарга арналган бөлүмү. Т. *метрологиянын* бир бөлүмү; милдети — өлчөөнүн бирдейлигин м-н тактыгын камсыздоо: темп-ралык шкалаларды, эталондорду түзүү ж-а темп-раны өлчөгүч приборлорду текшерүү, градуировкалоо ыкмаларын иштеп чыгуу. Темп-раны өлчөө методдору негизинен контактуу ж-а контактсыз (нурлануу Т-сы же пирометрия) өлчөө методу болуп айырмаланат. Темп-раны өлчөгүч приборлор негизги бөлүгүнүн сезгичтигине жараша газдуу, конденсациялуу, суюктук, электр каршылыктуу, термоэлектрдик ж. б. болуп бөлүнөт. Газ термометри туруктуу көлөмдүү ж-а туруктуу басымдуу болуп айырмаланат. Алардын гелий, азот газдары пайдаланылган түрү м-н термодинамикалык темп-ра өлчөнүлөт. Өлчөөнүн бирдейлигин ж-а тактыгын камсыздоодо темп-ранын бирдигинин мамл. эталону колдонулат.

Лит.: Попов М. М., Термометрия и калориметрия, 2 изд., М., 1954; Температура и её измерение. Сб., пер. с англ., М., 1970; Сосновский А. Г., Столярова Н. И., Измерение температур, М., 1970.

ТЕРМОПЛАСТИКАЛЫК ПОЛИМЕРЛЕР — кадимки темп-рада резинанын касиетине ээ болуп, жог. темп-рада эриликтешүүчү ошол жүлүүрган суюк пленкалар. *Кайрадан режим* бузулганда жасалгада *ориентация* жоголот.

ТЕРМОС (гр. Thermos — жылуу, ысык) — кулагын ичине-ичине темп-расы өзгөрүлө салкынду ыдыш табат жана. Ал тарелканын ж-а ооздук тыгындуу идиш. Ал эки ж-а ооз оозду жасалып, ыдыш ж-а ооздун ж-а бекитилет. Ыдыштай Т-тордун сыйымд. 0,25 *литр* 2 *литр* чейин. Коюлуп таандык идиштерин температуры сакоо ж-а ошону үчүн сыйымд. 30 *литр* чейинки Т-тор ж-а термоконтейнерлер колдонулат.

ТЕРМОХИМИЯ — *физикалык химиянын ж-а химиялык термодинамиканын* бир бөлүгү. Анда реакциялардын жылуулук эффектилери, заттардын жылуулук сыйымдуулугу, фазалык жылуулуктар ж. б-лар өлчөнүп, эсептелип чыгарылат. Т-ның эксперимент методу — *калориметрия*. Жаратылыштагы хим. кубулуштар кандайдыр бир өлчөмдөгү жылуулукту бөлүп чыгаруу же сиңирип алуу м-н жүргендүктөн алар термодинамиканын закондоруна баш кет. Көпчүлүк хим. процесстердин жылуулук эффектин түздөн түз өлчөө кыйын болгондуктан аны Т-ның негизги закону — Гесстин законунун жардамы м-н эсептөөгө болот. Т-ның маалыматтарынан жана термодинамикалык катышты чыгарган. Т. к. темп-раны өлчөөдө, жылуулукту түздөн түз электр энергиясына айландыруу ж. б. колдонулат.

ТЕРМОЭЛЕКТРОН ГЕНЕРАТОРУ, энергияны термоэлектрондук өзгөрткүч — кызытылган металлдардан электрондордун чыгышынын негизинде жылуулук энергиясын түздөн түз электр энергиясына айландыруучу машина. Т. г-нда ток күчү электроддун эмиссия тогунун күчү м-н чектелет; п. а. к. пусуучу электроддордун темп-расына көз каранды; катоддун темп-расы $T_к = 3300$ *К* болгондо Т. г-нун п. а. к. 30%-ке жетип, $T_к = 2000$—2500 *К* темп-рада п. а. к. 20%-ке чейин төмөндөйт. Т. г. аз кубаттуулуктагы (ондогон *Вт*) кичине *электр машинасы* катары пайдаланылат.

ТЕРМОЭЛЕКТР ГЕНЕРАТОРУ — жылуулук энергиясын түздөн түз электр энергиясына айландыруучу машина. Т. г. негизинен жарым өткөргүчтүү термоэлементтерден ж-а жылуулук алмаштыргычтардан жасалат. Алардын кубаттуулугу бир нече ондогон *Вт*-ка жетип, п. а. к. 20%-ти түзөт. Т. г. жумуш аткарылуучу темп-расы б-ча төмөн, орто ж-а жог. темп-радуу, колдонулуу тармагы б-ча космостук, дениздик, жер бетиндеги ж. б., ал эми жылуулук булагы б-ча изотоптуу, газ Т. г. ж. б. болуп бөлүнөт. Ал өте кыйындык м-н жете турган жана алыстагы электр энергиясын керектөөчүлөрдү (автоматтык маяктарды, навигациялык буйларды, метеорол. станцияларды, космос аппараттарын ж. б.) энергия м-н жабдуу үчүн колдонулат.

ТЕРМОЭЛЕКТРДИК ӨЛЧӨГҮЧ ПРИБОР — өзгөрмө ж-а туруктуу токтун күчүн, ээдеө электр чыңалуусу м-н кубаттуулугун өлчөгүч прибор. Ал магнит-электрдик өлчөгүчтөн, бир же бир нече термоозгорткүчтөн турат. Термоозгорткүч бир же бир нече термопарадан ж-а өлчөнүүчү ток өтө турган ысыткычтан жасалат. Өлчөнүүчү ток ысыткыч аркылуу өткөндө, болүнүп чыккан жылуулуктун таасиринен термоэлементте пайда болгон термоэлектр магнит-кыймылдаткыч күч магнит-электрдик өлчөгүч м-н өлчөнөт. Термоозгорткүчтөрдүн өлчөө чегин кеңейтүү үчүн шунт, кошумча каршылык, ээдеө фотокүчөткүч же жог. жыштыктагы ток трансформатору пайдаланылат. Ал туруктуу ж-а өзгөрмө токтун амперметри же вольтметри катары колдонулат.

ТЕРМОЭЛЕКТР КУБУЛУШТАРЫ — металлдардагы, жарым өткөргүчтөрдөгү жылуулук ж-а электрдик процесстердин өз ара байланышы м-н шарталган физ. кубулуштар. Т. к.— Зеебек, Пельтье ж-а Томсон эффектилери. Зеебек эффектиси б-ча түрдүү өткөргүчтөрдөн турган контактылары түрдүү темп-рада кармалса, ошол тизмекте э. к. к. пайда болот. Эки тектеги өткөргүчтөн турган тизмек термопара же *термоэлемент* деп аталат. Пельтье эффектиси — Зеебек эффектисине тескери кубулуш. У. Томсон Пельтье ж-а Зеебек коэффициенттеринин ортосундагы термодинамикалык катышты чыгарган. Т. к. темп-раны өлчөөдө, жылуулукту түздөн түз электр энергиясына айландырууда ж. б. колдонулат.

ТЕРМОЭЛЕМЕНТ — ар түрдүү өткөргүчтөн же жарым өткөргүчтөрдөн турган ж-а термоэлектр кубулуштарынын бир түрүн практикада колдонууга мүмкүндүк түзүүчү *электр тизмеги* (тизмектин болүгү). Өткөргүчтөрдүн бириктирилген учтары ар кандай темп-рада болгондо тизмекте э. к. к. (термо э. к. к.), ал эми тизмекти туюктаганда электр тогу пайда болот. Бул кубулуш (Зеебек эффектиси) көбүнчө темп-раны же темп-рага айландырылып өлчөнө турган башка физ. чондуктарды — газдын басымын, суюктук же газ агымынын ылдамдыгын, нымдуулукту, жарык энергиясынын агымын ж. б-ны чеңеөдө колдонулат. *Өлчөө техникасында* ал термопара деп аталат. Эгер Т-ке башка булактан ток киберсек, бир учунда жылуулукту жутуу, экинчи учунда жылуулукту бөлүп чыгаруу байкалат. Ушул кубулушка (Пельтье эффектисине) термоэлектр тибиндеги муздаткычтардын, кондиционерлер ж-а термостаттардын иштөө принцибин негизделген. Алар тиричиликте, медицинада, электр-техникасында ж. б-да колдонулат.

ТЕРМОЯДРО РЕАКЦИЯЛАРЫ — жеңил атом ядролорунун өтө жог. темп-рада ($\sim 10^7$*К* же андан жогору) оор ядролорго бириңүү (синтез) реакциялары. Т. р. көп энергиянын бөлүнүшүнө байланыштуу *астрофизикада*, ядролук ж-а колдонмо физикада өте маанилүү. Т. р.— жеңил ядролордун синтезделип реакциясынын негизги түрүнүн бири. Эки ядронун бириги-ши үчүн (мис., эки дейтерийдин ядролору коштулуп гелийдин ядросуна айланышы үчүн) аларга *потенциал барьерден* өтө ала тургандай энергия берүү зарыл. Ушул шартта дейтерийдин ядролору кулондун түртүлүү күчүн жеңип, ядролук күч аракет өткен аралыкка жакындайт. Кагылышкан ядролор өтө чоң энергияга ээ болушу зарыл. Ал энергия тездеткичтерде, жылдыздардын түнкүрүндө, атомдук жарылууда же күчтүү газ разряддарда алынат. Башка түрдөгү синтездик Т. р. өтө жог. басымда кулондук түртүлүү барьердин буулушунун (бийиктигинин кичирейүүсүнүн) негизинде жүрөт. Мындай синтездик Т. р-ның ылдамдыгы температурага эмес, заттардын тыгыздыгына көз каранды.

Т. р.— жылдыздардагы энергиянын булагы. Мындай реакцияда энергиянын болүнүп чыгышы көмүртек — азоттук (Г. Бете, 1939) же протон-протондук (Бете ж-а Кричфильд, 1938) цикл м-н жүрөт. Биринчисинде көмүртек катализатор болуп, анын саны туруктуу калат да, төрт суутектин ядросунан гелийдин ядросу түзүлөт. Протон-протондук циклде төрт суутектин ядросунан гелийдин бир ядросу көмүртектин катышуусуз түзүлөт. Жасалма Т. р. практикада эффективдүү масштабда термоядролук жө суутектик бомбалардын жарылуусунда ишке ашырылат. Мындай жарылууда Жер титиреөнүн энергиясына чамалуу өте чоң энергия болүнүп чыгат. Башкарылуучу Т. р-п ишке ашыруу м-н адамзат практикалык жактан энергиянын түгөнбөс мол запасына ээ болот. Ошондуктан акыркы жылдарда туруктуу иштеген башкарылуучу Т. р-п ин жүзүнө ашыруу үчүн ил. изилдөөлөр кеңири жүргүзүлүүдө.

Лит.: Арцимович Л. А., Управляемые термоядерные реакции, 2 изд., М., 1963; Вопросы теории плазмы, под ред. М. А. Леонтовича, в. 1—4, М., 1964.

ТЕРМ СУУЛАРЫ (гр. thérme — жылуу, ысык) — темп-расы 20°Сден жогору жер астындагы кыртыш суулары. Жер кыртышындагы 20°С изотерм көп жылдык тоң тараган райондордо 1500—2000 *м* тереңде, субтропиктерде 100 *м*-ге чейин жайгашкан; ал эми тропикке чектеш жерде жер үстүндө жатат. Бургулоо кезеңөгү аркылуу табылган 2000—3000 *м* тереңдеги артезиан бассейндериндеги суунун темп-расы 70—100°С, андан да ысык экени белгилүү. Альп, Кавказ, Тянь-Шань, Памир ж. б. тоолуу аймактарда жылуу булак (темп-расы 50—90°Сге чейин), араксттеги жанар тоолуу райондордо гейзер түрүндө чыгат. Т. с-ның хим. составы, газдуулугу ж-а минералдашуусу ар түрдүү (көбүнчө даамсыз, туз даамдуу, гидрокарбонаттуу, гидрокарбонат-сульфаттуу, натрийлүү, азот-метандуу ж-а метандуу) болот. Т. с. ар түрдүү оорунун дарылоо үчүн пайдаланылат. Кырг-ндын аймагында Ысык-Ата, Жалал-Абад, Жети-Өгүз ж. б. ондогон Т. с. бар.

Лит.: Изучение и использование глубинного тепла Земли, М., 1973.

ТЕРНОПОЛЬ, Тарнополь — УССРдеги Тернополь обл-ның борбору, шаар. Серет д-ның боюнда. Жолдор тоому; аэропорту бар. Калкы 144 миң (1979). Тамак-аш ж-а жеңил ө. ж. (эт, кант, пиво; кебез кездеме токуу, жасалма булгаары өндүрүү ж. б.) өнүккөн. Электр-арматура, а. ч., соода машиналарын куруу, курулуш материалдар ж. б. заводдору, мебель ф-касы иштейт. Т-до мед., финансы-экон., пед. ин-ттар, Львов политех. ин-тунун филиалы, сов. соода, кооперация техникумдары, муз. драма театр, филармония ж. б. бар. Т. 1540-ж. негизделген.

ТЕРНОПОЛЬ ОБЛАСТЫ УССРде. 1939-ж. 4-декабрда түзүлгөн. Аянты



А. М. Терпигорев.

13,8 миң *км*². Калкы 1163 миң (1979). 16 район, 14 шаар, 15 ш. т. посёлка бар. Борбору — Тернополь ш. Область Ленин ордени м-н сыйланган (1967).

Т. о. УССРдин батышында жайгашкан. *Подол дөңсөөсүнүн* батышын ээлейт. Түндүгүндө Кременец (бийикт. 409 *м*), чыгышында Толтр (417 *м*) дөңсөолору жатат. Климаты мелүүн континенттик. Январдын орт. темп-расы —4,6°...—5,7°С, июлдуку 18,3—19,4°С. Жаан-чачыны 600—680 *мм*. Ири дарыясы — Днестр ж-а анын сол куймалары: Алтын Липа, Коропец, Стрыпа ж. б. Областтын аймагында кара топурак басымдуу. Аймагынын 70%ин айдоо жер, 12%ин токой түзөт. Жаныбарлары: түлкү, коён, суусар, кундуз, ондатра ж. б.

Калкынын 96% украин, алардан башка орус, поляк ж. б. жашайт. Орт. жышт. 1 *км*²ге 85 киши. Шаар калкы 31% (1979). Шаарлары: Тернополь, Кременец, Чортков, Бучач, Залещики ж. б.

Совет бийлигинин жылдарында область артта калган агрардык аймактан индустр.-агрардык областка айланды. Ө. ж-нын дүң продукциясы 1974-ж. 1940-жылга караганда 21 эсеге өстү. Электр энергиясын негизинен Добротворск ГРЭСинен (Львов обл.) алат. Негизги о. ж. тармактары: тамак-аш (кант, спирт, сүт, быштак, май, тамеки, консерва ж. б. з-ддор), машина куруу, электр-тех. ж-а металл иштетүү («Электроарматура», комбайн, автомобиль ремонт, ремонт-мех., соода жабдуулар ж. б.), курулуш материалдар («Стройиндустрия» комбинаты, темир-бетон, кирпич з-ддору ж. б.). Текстиль (кебез кездеме токуу комбинаты, тигүү, бут кийим ф-калары ж. б.), токой ж-а жыгач иштетүү о. ж. бар. А. ч-сы дан эгиндерин, кызылча өстүрүүгө, сүт-эт багытындагы мал багууга адистешкен. А. ч-га жарактуу 959,6 миң *га* жеринин 489,0 миңин дан эгини, 131,0 миңин тех. өсүмдүк, 122 миңин кант кызылчасы ээлейт. Буудай, кара күрүч, жүгөрү, кант кызылча, эгыз ж. б. эгилет. 1979-ж. 942,1 миң үй (сааны 360,6 миң), 546,1 миң чочко, 133,8 миң кой-эчки болгон. Автомобиль жолунун уз. 5,4 миң *км*, т. ж. 575 *км* (1974). 1978—79-окуу жылында 892 жалпы билим берүүчү мектеп, 17 кесипчилик, 17 атайын орто, 3 жог. окуу жайлары ж-а Львов политех. ин-тунун филиалы болгон. 970 китепкана, 3 музей, муз. драма театр ж. б. бар. Обл. «Вільне життя» (1939), «Ровесник» (1939) газеталары чыгат. 1979-ж. 12,8 миң орундуу 100 оорукчада 2,9 миң врач иштеген.

Ад.: Волобой П. В., Тернопільська область. К., 1959.

ТЕРПЕНДЕР, $(C_5H_8)_n$ — молекуласы изопрен звенолорунан C_5H_8 түзүлгөн углеводороддор ($n = 2, 3, 4...$). Изопрен звенолорунун санына жараша монотерпен ($C_{10}H_{16}$), сесквитерпен ($C_{15}H_{24}$), дитерпен ($C_{20}H_{32}$), тритерпен ($C_{30}H_{48}$) ж. б-ларга болүнөт. Т. өсүмдүк ткандарында (эфир майлары, *скипидар*, чайырларда), кээ бир бактериялар ж-а козу карындардын тиричилигинен пайда болгон заттарда жолугат. Физ. касиеттери ар түрдүү. Мис., монотерпендер — мүнөздүү жыты бар түссүз суюктуктар, кайноо t 150—190°С, сесквитерпендер—илээшкек түссүз суюктук же кристаллдык зат, кайноо t 230—300°С. Т. сууда эрибейт, орг. эриткичтерде жакшы эрийт, оңой кычкылданып, полимерленип, изомерленет, суутек, галогендер м-н кошулат. Табигый сырьёлордон ректификация, тоңдуруу ж. б. методдор м-н болүнүп алынат, хим. сырьёлордон да синтезделет. Т. парфюмерияда, медицинада колдонулат. Т-ден майлагыч майлар, инсектициддер ж. б. алынат.

ТЕРПИГОРЕВ Александр Митрофанович [9(21). 11. 1873, Тамбов — 8. 11. 1959, Москва] — тоо-кен иши б-ча сов. илимпоз, акад. (1935). Петербург тоо-кен ин-тун бүтүп (1897), Сулин з-дунун рудничинде иштеген. 1906-жылдан Екатеринослав жог. тоо-кен окуу жайынын, кийин ин-тунун, 1922—25-ж. Москва тоо-кен ин-тунун проф. (1933—36-ж. директор). 1938—59-ж. СССР ИАнын Тоо-кен иши ин-тунда болүм башчы. Пайдалуу кендердин орду, тоо-кен ишин механикалаштыруу, автоматташтыруу, тоо-кен машиналарын өркүндөтүү жаатында эмгектенген. «Горное дело» энциклопедиялык сөздүгүнүн башкы редактору (1957—69). Ил.-тех. терминология теориясына негиз салгандардан. СССР мамл. сыйл. лауреаты (1943). Үч Ленин ордени, 2 Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ТЕРРАКОТА (итал. terra — топурак, чопо ж-а cotta — күйгүзүлгөн) — кызыл ж-а сары түстогу майда тешикчелүү чыныланбаган карапа буюм. Т. ымараттарды кооздоо, скульптураларды ж-а коос буюмдарды жасоо үчүн пайдаланылат. Т. буюмдары оңой эрүүчү же жог. темп-рада эрүүчү чоподон даярдалып, кээде оң бергич кычкылдар кошулат. Т-дан жасалуучу ар кандай идиш буюмдар гипс калыптарга куюлуп алынат.

ТЕРРАМАРЫ (итал. terra — жер, магма — мергель) — Түн. Италияда табылган арх-ялык мад-т. Коло дооруна таандык. Т-да чакан тургун журттардын чалдыбары сакталган. Аянты 1—2 *га*. Калкы дыйканчылык, аңчылык кылып, мал баккан. Адамдары коло куралдары м-н бирге таш куралдарды да колдонушкан. Токуучулук өнүккөн. Буга андан табылган зыгырдын уругу, кийим калдыктары, ийик таштар күбө. Өлүк көмүү ыкмасына караганда Т-да ал кезде мүлктүк ж-а социалдык теңсиздик болгон эмес.

ТЕРРАРИУМ, террарий (лат. terra — жер) — майда жаныбарларды, көбүнчө жерде-сууда жашоочуларды ж-а сойлоочуларды жайгаштырып, тиричилигин изилдөө үчүн жасалган жай.

ТЕРРИГЕН ЧӨКМӨЛӨРҮ (лат. terra — жер ж-а гр. genes — жаралуу, туулуу, пайда болуу) — тоо тектердин ж-а минералдардын сыныктары суу, моңгу ж. б-лар м-н агып, шилеңип барып, көл, деңизде же курганта пайда болгон чөгүндү ж-а чөкмө тоо тектер. Т. ч. м-н тувдардын, гипстин, бордун, жездин, күмүштүн чөкмө кендери байланыштуу, к. *Деңиз чөкмөлөрү*.

ТЕРРИТОРИЯ (АПМАК) мамлекеттик — Жер шарынын белгилүү бир мамлекеттин суверендигине тийиштүү бөлүгү. Т-га кургак жер (мамл. чек ара чегине чейинки бардык кургактык), суу (ички ж-а Т-лык суулар) ж-а алардын үстүндөгү аба мейкиндиги кирет. Мамл. чек ара ичиндеги кургак жер м-н суу астындагы жер да өзүнчө өлкөнүкү болуп эсептелет. Ар бир мамлекет өз Т-сында суверендиктин орг. болүгүн түзгөн башкаруу укугуна ээ. Башка Т-ны гордон тартып алууга, мамл. чек араны бузууга, макулдугусуз башка мамлекеттин Т-сын пайдаланууга эл аралык укук тыюу салат. Эл аралык укук б-ча ото керектүү учурда гана Т-ны өзгөртүүгө болот. Т. б-ча бардык талаш-тартыш тынчтык жол м-н чечилүүгө тийиш.

ТЕРРИТОРИЯЛЫК СУУЛАР, территориялык деңиз — мамл. суу жээгине чектеш туруп, мамл. территориянын болүгүн түзүүчү деңиз тилкеси. Т. с. 1958-жылкы терр-ялык деңиз ж-а чектеш зона ж-догу эл аралык конвенция, о. эле айрым мамлекеттердин өз закону м-н жөнгө салынат. Т. с-дын кеңдиги б-ча эл аралык жалпы милдеттүү эреже жок. Ал эл аралык конвенциялар м-н жөнгө салынат. СССР Т. с. б-ча 12 милдик лимитти жактайт.

ТЕРРОРДУК АКТ (лат. terror — коркунуч, actus — аракет, иш) — саясий максатта мамл. же коомдук ишмерге кас тараптын кол салышы же кысым көрсөтүшү. Сов. уголовный укук Т. а-ыны мамл. кылмыштын эң коркунучтуусу деп эсептеп, катуу жаза колдонот. Азыркы эл аралык укукта айрым мамлекеттин саясатына таасир этүү максатында мамлекет ж-а өкмөт башчыларына, дипл. өкүлдөргө кол салып, курал колдонуп дипломаттарды, самолётторду ж. б-ны уурдап кетиш да Т. а. деп саналат.

ТЕРС — Ала-Бука р-нундагы суу. Чаткалдын ири сол куймасы. Чаткал кырка тоосунун түн. капталынан башталат. Уз. 40 *км*, алабынын аянты 549 *км*². Ири куймалары: Туура-Сай, Баястан-Сай, Шилбили-Сай, Күйүк-Сай, Чоң-Булак-Сай, Рабат-Сай, Ителги-Сары-Булак ж. б. Негизинен кар, жамгыр ж-а булактардан куралат. Жылдык орт. чыгымы 8,81 $м^3/сек$, эң чоңу 67,6 $м^3/сек$, эң азы 0,3 $м^3/сек$. Апрелдин аягында кире баштап, июнь — июлда ташкындайт; сентябрда тартылат. Сугатка пайдаланылат.

ТЕРС САН — нолдөн кичине болгон чыныгы сан, мис., —2; —0,5; —л ж. б., к. *Сан*.

ТЕРҮҮ МАШИНАСЫ — полигр. басма формасынын текстүүлөрүн даярдоочу аспап. Алгачкы Т. м. 19-к-да айрым *литерадан* саптарды ж-а текстти терүүнү механикалаштырган. 1866—67-ж. орус өйлөн чыгаруучусу П. П. Киягинский дүйнөдө биринчи болуп «автомат-терүүчү» — перфолента м-н программалык башкарылуучу литера Т. м-н түзгөн. Сүрөт түшүрүү принциби б-ча Т. м. үчкө болүнөт: терүүчү-куюучу; терүүчү-жазуучу ж-а фототерүүчү. Терүүчү-куюучу машиналар текстти айрым тамга же сап түрүндө басмаканалык куймадан куюлган рельефтүү беттен түшүрүүнү камсыз кылат. Бул типке сап куюучу Т. м. (*линотип*) ж-а тамга-сап куюучу Т. м. (*монотип*) кирет. Азыркы кездеги терүүчү-жазуучу машина ж-а фототерүүчү машиналар бир кыйла өндүрүмдүү ж-а технол. жактан офсеттик басма ыкмасына туура келет. Т. м-ның технол. мүмкүнчүлүктөрү терилүүчү тамгалардын ассортименти, кегелдин диапазону (тамгалардын бийиктиги), сап форматтарынын (узундугунун) диапазону, таблица ж-а көп саптан турган формулаларды терүү м-н мүнөздөлөт. Т. м., о. эле терүү формасынын айрым элементтерин даярдоого арналган. Процесстри механикалаштырууга жараша Т. м. жарым автомат ж-а автомат болуп бөлүнөт. Азыркы кездеги тез иштөөчү терүү автоматтарында тамгалардын сүрөтүн түшүрүүдө *электрон нур түтүгү* колдонулуп, секундасына 1000ден ашык тамга терилет. Саптар м-н тилкелерди автоматтык түрдө түзүүдө *лазер* техникасы ж-а *голографияны* пайдалануучу системалар (1970-жылдарда) иштелүүдө.

Ад.: Колосов А. И., Лаврентьева А. Г., Изготовление печатных форм, М., 1963 (Технология полиграфического производства, кн. 1); Петрокас Л. В., Шнееров Л. А., Машины наборного производства, М., 1973.

ТЕРҮҮ ПРОЦЕССТЕРИ (терүү ондүрүшү) — оттиск алуу үчүн басма формасын түзүү иштери. Басма формасы кол же машина м-н терилет. Кол м-н терүү эски ж-а жай (саатына 2 миң белгиге чейин); негизинен формула, заголовка, таблицаларды терүүдө колдонулат. Машина м-н (металлдан) терүү автомат ж-а жарым автомат сап куюучу *терүү машиналарында* ишке ашырылат. Өндүрүмдүүлүгү саатына 9—12 миң белгиге чейин. Машина м-н терүүдө тикеден тике *басуу* үчүн же стереотиптештирүүгө жарактуу металлдык терүү формасы алынат. Машина м-н терүүнүн негизги стадиялары: текст, заголовка, формула ж-а таблицаларды терүү; *верстканоо;* сынамык оттиски (корректура) басуу ж-а окуп текшерүү; терилген арипгерди оңдоо (катасы болсо); басууга кол коюу. Машина м-н терүүдө корректуралык оттиск басуу — кокусунан пайда болгон каталарды оңдоо зарылдыгынан ж-а автор м-н басманын өзгөртүү киргизүүгө укугунан келип чыккан.

Машина м-н терүүдөн фототерүү келечектүү. Фототерүүдө китеп, журнал, газета ж. б-ның беттеринин диапозитивдери (негативдери) даярдалат. Текстти диапозитивдерин ж-а басылыштын башка элементтерин (формула, таблица, иллюстрация) жалтырак негизге (плёнкага) монтаждап, улам кийинкисин көчүрүү жолу м-н басуунун талап кылган ыкмасы үчүн (бийиктен, офсеттик, тереңден) формалар даярдалат. Фототерүүдө басууга кол жазманы терүүгө таштырганда кол коюлат.

ТЕРЬЕР — ачуу ж-а коркторүү иттердин порода тобу. Мекени—Улуу Британия. Ийиндеме куну айбанаттарга ап уулоо ж-а майда жырткычтар м-н келестерди жок кылуу үчүн пайдаланылат. Анын 30дан ашык породасы белгилүү. СССРде фокстерьер м-н түлкү, жанат ит, кашкулакка ачуулык кылынат; көркторүү ит да асыралат.

ТЕРЬЯН Ваан (чын аты-жөнү — Ваан Сукиасович Тер-Григорьян) [28. 1(9. 2). 1885, Гандзани кыш., азыркы ГССР, Богданов р-ну — 7. 1. 1920, Оренбург] — армян совет акыны, коомдук ишмер. 1917-жылдан Коммунистик партиянын мүчөсү. Москвадагы Лазарев чыгыш тилдер ин-тун бүткөн (1906). Кайгы м-н жалгыздык мотивдери басымдуулук кылган «Акшамдагы кылдар» (1908) аттуу туңгуч ыр жыйнагы Т-ды акын катары таанытткан. Кийинки чыг-ларында көбүнчө социалдык мотивдер басымдуулук кылат («Наири өлкөсү» ырлар цикли, 1915). Окт. рев-ясын «Сени ырдайм», «Бактыга туулган жаңы күн» дегендей ырларында куттуктаган. Т-дын чыг-лары армян поэзиясын өөрчүтүүгө кыйла таасир эткен. Т. Советтердин бүткүл россиялык 3—4-съезддеринде Бүткүл россиялык БАКка мүчөлүккө шайланган.

Чыг.: в рус. пер. — Избранное, Ер., 1952; Стихотворения, Л., 1973.

Ад.: Григорьян К., Ваан Терьян. Очерк жизни и творчества, М., 1957; Гарибджанян Г., Владимир Ильич Ленин и Ваан Терьян, «Литературная Армения», 1970, № 2—3.

ТЕСКЕЙ — тоонун түн. тарабындагы күн нуру аз тийген капталы. Т-ге күн нуру жантайыңкы бурч м-н тийгендиктен ал жерге жылуулук энергиясы аз топтолот, моңгу, кар көп жыйылып, кеч эрийт, ным көп болуп, аз бууланат. Андагы топурак, өсүмдүк ж. б. күнгөй беттегиден айырмаланат.

ТЕСКЕЙ АЛА-ТОО — Түн. Тянь-Шандагы ири кырка тоо. Кеңдик багытта догоо сымал түштүккө ийилип, чыгышта Семёнов чокусунан батышты карай Жоон-Арык суусуна чейин 409 *км*ге созулат. Аның батышы — Үкөк (уз. 30 *км*), Ашуу-Тор ашуусу м-н Семёнов чокусунун ортосу Катташуу-Тор (25 *км*) деп аталат. Түндүгүнөн Ысык-Көл, Кочкор, түштүгүнөн Кара-Кужур (деңиз деңг. бийикт. 2500—3200 *м*), Үч-Эмчек (3000—3600 *м*), Ара-Бел (3400—3800 *м*), Сары-Жаз (3000—3600 *м*) өрөөндөрү м-н чектешет. Орт. бийикт. (батыштан чыгышка карай) 3970—5000 *м;* бийик чокулары: Каракол (бийикт. 5280 *м*), Семёнов (5816 *м*).

Т. А.-Т. негизинен кембрийге чейинки ж-а кембрийдин аягы — ордовиктин башында пайда болгон метаморфизмделген сланец, аки таш тектери, палеозойдун кумдук, чополуу сланецтеринен түзүлгөн. Аларды каледондун граниттери жирип чыккан. Интрузия тектеринен кызыл ж-а боз граниттер, сиенит-диорит, гранит-диориттер арбын. Неоген м-н антропогенде Т. А.-Т-нун түн. этегиндеги Түн. Тескей ж-а Борб. Тескей жаракалары аркылуу Тескей мегантиклиналь структурасы түзүлгөн. Кайнозойдун чөкмөлөрүнө толгон Ысык-Көл мегасинклиналын түзгөн тоо тектер 4,5 *км* төмөн ийилсе, Т. А.-Т-су 5 *км*ге чейин жогору көтөрүлгөн, б. а. кийинки мезгилдеги көтөрүлүүнүн ж-а ийилүүнүн жалпы амплитудасы 10 *км*ге жетет. Т. А.-Т. структурасын Борб. Тескей жаракасы Тамга суусунун меридианында кайчылаш жаткан — Батыш Тескей (уз. 200 *км*) ж-а Чыгыш Тескей (209 *км*) аталган эки асимметриялуу мегаструктурага бөлөт. Түш. капталы кыска (13—15 *км*ге чейин), түн. капталы узун (24—30 *км*). Антропогенде Түн. Тескей жаракасы рельефтин түзүлүшүн татаалдатып, Т. А.-Т-суна жарым бир нече горст-антиклиналдык (Узун-Кыр, Кызыл-Күнгөй, Тастар-Ата, Кызыл-Чоку, Кара-Коо-Жунай, Кара-Күнгөй, Тегерек ж. б.) ж-а аларды бөлүп турган грабен-синклиналдык (Орто-Токой, Коңур-Өлөң — Ала-Баш, Улакол — Семиз-Бел) структуралар пайда болот. Рельефинин тибине тоолордун көтөрүлүшүнө чейин пайда болгон байыркы түздүктөрдүн калдыктары кирет. Алар Т. А.-Т-нун горст-антиклиналь структураларында кеңири таралган. Ара-Бел өрөөнүнө караган капталдарынын айрым жерлериндеги байыркы түздүктөрдө моңгулар жайгашкан. Т. А.-Т-нун түш. капталы — Жоон-Арык, Кичи-Нарын, Сары-Жаз сууларынын оң куймаларынын өрөөндөрү, түн. капталы Ысык-Көлгө куйган суулардын нуктары м-н терең тилмеленген. Бардык суу нуктарынын жог. бөлүктөрү байыркы муздардын тепши сымал өрөөндөрүнөн туруп, моңгу, муз капталган тик капталдуу жабык же

ачык төрлөр м-н бүтөт. Ачык төрлөрдөгү Тоң (бийик. 4024 *м*), Тосор (3830 *м*), Барскон (3756 *м*), Жууку (3633 *м*), Чоң-Ашуу (3806 *м*), Жуукучак (4070 *м*) ашуулары Ысык-Көлдү Кара-Каман, Кара-Саз, Уч-Эмчек, Балгарт, Сары-Жаз өрөөндөрү м-н байланыштырат.

Т. А.-Т. Түн. Тянь-Шандагы байыркы ж-а азыркы мөңгүлөрдүн борборуна кирет. Тоонун Ысык-Көлдү караган бетинде антропогендин башталышында мөңгү ж-а муздардын аянты 2588 *км*² болуп, азыркы мөңгүнүн аянтынан 3,6 эсеге көп болгон. Экинчи жолку муз каптоодо мөңгүлөрдүн узундугу өрөөндөр б-ча 15—35 *км*ге, жалпы аянты 2532 *км*²ге жеткен. Үчүнчү жолкуда муздун уз. 15 *км*ден ашкан эмес, аянты азыркы мөңгүнүн аянтынан 2 эсе (1307 *км*²) чоң болгон. Азыр жалпы аянты 1080,6 *км*² болгон 1396 мөңгү бар; 700ү (аянты 509,4 *км*²) түн. капталында. Мөңгүнүн этеги түн. капталында 3000—3500 *м*, түштүгүндө 3700—3900 *м* бийикте жатат. Климаты мелүүн-континенттик. Тоо улам бийиктеген сайын темп-расы төмөндөп, жаан-чачын көбөйөт. Жайында абанын жылдык орт. темпрасы (мөңгү чөйрөсүндө) 7—8°С, кышында —12...—15°С; мөңгүлөрдүн башында абанын жылдык орт. темп-расы 2,1—2,4°С. Жылдык жаан-чачыны (тоо этегинде) 300—400 *мм*, мөңгү тилкесинде 700—800 *мм*.

Тоонун түш. ж-а түн. капталында темп-ранын ж-а жаан-чачындын бирдей болбогонуна жараша өсүмдүктөрү кендик б-ча өзгөрүп, климаттык шартына ылайыкташкан. Түш. капталында токой жыгачтары өспөйт. Түстүү ж-а күңүрт кара көңүр топуракту 2400—2900 *м* бийикте бөтөгө, доңуз сырты, көдөө чөп; тоо-шалбаа-алп топуракту 2800—3800 *м* бийикте бөтөгө, шыбак, доңуз сырты, өлөң чөп өсөт. Мөңгү-муздан ж-а моренадан турган аскалуу, шагыл таштуу түндра тилкесинде (3700—3800 *м*ден жогору) анча бийик эмес, топ-топ болуп жер жаздык, кийик от, мох, эңилчек ж. б. кездешет. Түн. капталдарындагы ландшафт алкактары: тоо этегиндеги адырлуу талаа (1800—2000 *м* бийикте; кумдуу сары ж-а түстүү ка-ра көңүр топуракту; шыбактуу-көдөө, бөтөгелүү шыбак ж-а бадалдар өсөт); токойлуу талаа ж-а токой (2000—2900 *м*; тоо-кара, күңүрт түстөгү тоо-токой топуракту; карагай, табылгы, арча ж-а бадалдуу шалбаа, тоо сайгак, буудайык, кой жалбырак, кара кыяк ж. б.); субалпи (2900—3100 *м*; тоо-шалбаалуу субалпи топуракту: каз таман, тогуз төбөл шалбаасы); альп (3100—3800 *м*; доңуз сырты аралашкан түрдүү шибер чөп өсөт); түбөлүк кар ж-а мөңгү тилкеси (3600 *м*ден жогору; мох, эңилчек, кийик от, жаздык сыяктуулар ж. б.). Жаныбарлары: аркар, тоо эчки, күрөң аюу, илбирс, карышкыр, түлкү, суур, кашкулак, суусар, сүлөөсүн, кундуз, арыс, момолой; канаттуулардан — бүркүт, куш, ителги, кыргый, үкү, кара боор ж. б.; сойлоп жүрүүчүлөрдөн — кара чаар, сары жылан, суу жылан, кескелдирик ж. б. Негизги кен байлыктары: коргошун, цинк, калай, көмүр ж. б. Жер жаракаларынан чыккан арашан сууларына — Жети-Өгүз, Ак-Суу, Алтын-Арашан ж-а Жылуу-Суу курорттору курулган. Негизинен жайыт, токою курулуш материалдары катары пайдаланылат.

Ад.: Щульц С. С., Анализ новейшей тектоники и рельеф Тянь-Шаня, М., 1948; Раицман Е. Я., Геоморфология Иссык-Кульской котловины и её горного обрамления, М., 1959; Чупахин В. М., Физическая география Тянь-Шаня, А.-А., 1964; Забиров Р. Д., Сыдыков Д. С., Каталог ледников СССР, т. 14, в. 2, ч. 5 (Реки бассейна оз. Иссык-Куль), Л., 1976; Качаганов Ш., Древние ледниковые комплексы горного обрамления Иссык-Куля, в сб.: Северный Тянь-Шань в кайнозое, Фр., 1978; Геологические основы сейсмического районирования Иссык-Кульской впадины, Фр., 1978.

ТЕСКЕЙ СЕРИЯСЫ—Түн. Тянь-Шань бүктолуу аймагындагы протерозой заманынын ангында пайда болгон тоо тек катмарлары. Айрыкча Тескей Ала-Тоодо кеңири тараган. 1957-ж. В. Г. Королёв болгон. Эки свитадан турат: астыңкысы — кварцтуу кумдук, алевролит ж-а гравелит; үстүңкүсү — негиздүү жанар тоо тектери (порфириттер, диабаздар) м-н кремнийлүү сланецтер. Серия составы ж-а түзүлүшү б-ча ага чейинки тоо тектерден өзгөчө айырмаланат. Ал пайда болгон учурда аймактагы геол. шарт кескин өзгөрүлгөнүн, жер кыртышы жарылып, рифт сыяктуу тектоникалык структуралар пайда болгонун айгинелейт. Серия Түн. Тянь-Шандын металлогениясын изилдөөдө мааниге ээ.

ТЕСКЕРИ БАЙЛАНЫШ (техникада) — процесстин натыйжасынын ал процесстин жүрүшүнө жө башкарылма процесстин башкаргыч органга тийгизген таасири; радио электрондук түзүлүштөрдө Т. б.— системанын чыгыш чоңдугунун аның киришине тийгизген таасири. Системага чыгыш чоңдугунан башка да сырткы таасирлер аракет кылышы мүмкүн. Т. б.— кибернетиканын ж-а автоматтык башкаруу теориясынын негизги түшүнүктөрүнүн бири. Ал ар түрдүү процесстерде — автоматтык системаларда, тирүү организмдерде, экон. ж-а коомдук системаларда кездешет. Булардын бардыгында тең системанын аткаруу органынын аракети ж-догу маалымат Т. б. тизмеги б-ча башкаруучу органга берилет. Ушул маалыматтын негизинде башкаруу орган коррекциялоочу сигналдарды иштеп чыгарат. Т. б. терс ж-а оң болуп болүнөт. Т. б-тын сигналы кириш таасирин күчөтүүгө көмөкчү болсо—оң, Т. б. сигналын алууда кириш начарласа, терс деп аталат. Т. б. принцибн негизинен автоматтык башкаруу теориясында — системаларды стабилдештирүүдө, ээрчиме системаларда ж-а программалуу башкаруу системаларында ишгелип чыккан.

Ад.: Бесскеркий В. А., Попов Е. П., Теория систем автоматического регулирования, М., 1975.

ТЕСКЕРИ ГИПЕРБОЛАЛЫК ФУНКЦИЯЛАР — гиперболалык функциялар деп аталган $y=\mathrm{sh}\,x=(e^x-e^{-x}):2$; $y=\mathrm{ch}\,x=(e^x+e^{-x}):2$; $y=\mathrm{th}\,x=\mathrm{sh}\,x:\mathrm{ch}\,x$; $y=\mathrm{cth}\,x=\mathrm{ch}\,x:\mathrm{sh}\,x$ функцияларга карата тескери функциялар. Алар:

$$\mathrm{Ar\,sh}x=\ln(x+\sqrt{x^2+1});\ -\infty<x<\infty,$$

$$\mathrm{Ar\,ch}x=\ln(x\pm\sqrt{x^2-1});\ 1\leqslant x<\infty,$$

$$\mathrm{Ar\,th}x=\frac{1}{2}\ln\frac{1+x}{1-x};\ -1<x<1$$

функциялар аркылуу туюнтулат да, теңдеш гиперболалык ареа-синус, гиперболалык ареа-косинус, гиперболалык ареа-тангенс деп окулат. Мындайча айтылышы лат. ареа — аянт деген сөздөн (анткени гиперболалык функциялардын гиперболалык сектордун аянттарынын функциясы катары кароого болот). Т. г. ф-дын туундулары төмөнкүдөй жазылат:

$$(\mathrm{Ar\,sh}x)'=\frac{1}{\sqrt{x^2+1}},\quad (\mathrm{Arch}x)'=\frac{1}{\sqrt{x^2-1}},$$

$$(\mathrm{Ar\,th}x)'=\frac{1}{1-x^2}.$$

Оңондуктан Т. г. ф. көбүнчө рационалдык бөлчөктөрдү ж-а квадраттык ирракционалдыкты интегралдоодо пайда болот. Комплекстүү областта Т. г. ф-дын башкы маанилери тескери тригонометриялык функциялардын башкы маанилери м-п төмөнкүчө байланышат:

$$\mathrm{ar\,sh}z=\frac{1}{i}\arcsin iz,$$

$$\mathrm{ar\,ch}z=i\arccos z,$$

$$\mathrm{ar\,th}z=\frac{1}{i}\mathrm{arc\,tg}\,iz.$$

ТЕСКЕРИ МАТРИЦА, n-тартиптеги квадраттык $A=\|a_{ij}\|^n_1$ матрица м-н көбөйтүндүсү AB бирдик E матрицаны берүүчү ошол эле тартиптеги $B=\|b_{ij}\|^n_1$ матрица. Т. м-ның белгилениши A^{-1}. Берилген A матрицанын аныктагычынын нөлгө барабар эмес болушу, б. а. матрицанын өзгөчө эместиги A^{-1} Т. м-нын жашоосунун зарыл, жетиштүү шарты. Т. м-ның b_{ij} элементтери $b_{ij}=A_{ij}/D$ формула м-н табылат, мында D — матрицанын аныктагычы, A_{ij} — матрицанын a_{ji} элементинин алгебр. толуктоочусу. a_{ji} элементтин A_{ji} алгебр. толуктоочусу A матрицанын a_{ji} элемент турган жолчосун ж-а мамычасын сызып ташталгандан кийин пайда болгон матрицанын $(-1)^{i+1}$ белги м-н алынган аныктагычына барабар. Т. м. теңдемелер системасын чыгарууда колдонулат.

ТЕСКЕРИ ПРОПОРЦИЯЛАШ ЧОҢДУКТАР — бир чоңдукту бир канча эсеге чоңойтсок (кичирейтсек) экинчиси ошончо эсе кичирейген (чоңойгон) эки өзгөрмө чоңдук. x ж-а y Т. п. ч. $xy=k$ катышы м-н байланышкан, б. а. $x=k/y$ ж-а $y=k/x$, мында k — туруктуу сан.

ТЕСКЕРИ САН — берилген санга көбейткөндө көбөйтүндүсү бирге барабар болгон сан. Мындай эки сан өз ара тескери сан деп аталат. Мис., 5 ж-а $\frac{1}{5}$, $-\frac{2}{3}$ ж-а $-\frac{3}{2}$ ж. б. Нолго барабар эмес ар кандай a саны үчүн $\frac{1}{a}$ тескери сан болот.

ТЕСКЕРИ ТЕОРЕМА — алгачкы (түз) теореманын корутундусу шарт, ал эми шарты корутунду болуп алынган теорема. Мис., «эгер үч бурчтуктун эки бурчу барабар болсо, анда алардын биссектрисалары барабар» ж-а «эгер үч бурчтуктун эки биссектрисасы барабар болсо, анда алардын тиешелүү бурчтары барабар»; бул теоремалар бири бирине тескери, к. *Теорема*.

ТЕСКЕРИ ТОЛКУН ЛАМПАСЫ — өте жог. жыштыктуу (ӨЖЖ) термелүүлөрдү генерациялоочу электр-вакуум прибору. Мындай лампада ӨЖЖ термелүүлөр электрон агымы м-н ал агымды бойлото ж-а тескери таралуучу электр-магнит толкундун өз ара аракеттенишинен пайда болот. Т. т. л. сигнал-генераторлордо, радиотех. өлчөөлөрдө, о. эле *радио кабылдагычта* ж-а *радио бергичте* бир жыштыктан башка жыштыкка тез өтүүгө мүмкүндүк берет. Т. т. л-нда *электрон аткычынын* жардамы м-н пайда болгон электрондордун түз сызыктуу агымы бир нече жалпак өткөргүчтөрдөн турган жайланткыч система аркылуу өтүп, анда электрондордун агымына карама-каршы багытка таралуучу электр-магнит толкунду дүүлүктүрөт. Таралуучу толкундун электр талаасынын таасиринен электрон агымында электрондор тыгыздалат. Электрондордун ар бир тыгыздалуусу жайланткыч системанын пластинкаларынын ортосундагы жылчык аркылуу кезек м-н өтүп, жылчыктын ар биринде таралуучу толкун чыңалуусунун түйүнүнө урунат да, ал толкундун электр талаасынын аракетинен тормоздолот. Бул шарт электрондор топтолушунун бир жылчыктан кошну жылчыкка учун өтүү убактысы термелүү мезгилинин жарымынан анча-мынча аз болгондо аткарылат.

Ад.: Альтшулер Ю. Г., Татаренко А. С., Лампы малой мощности с обратной волной, М., 1963.

ТЕСКЕРИ ТРИГОНОМЕТРИЯЛЫК ФУНКЦИЯЛАР, $\sin x$, $\cos x$, $\mathrm{tg}\,x$, $\mathrm{ctg}\,x$, $\sec x$, $\mathrm{cosec}\,x$ тригонометриялык функцияларына тескери функциялар. Мунун жардамы м-н тригонометриялык функциялардын берилген маанилери б-ча жааны (бурчту) табышат. Белгилениши Arc $\sin x$ (арксинус), Arc $\cos x$ (арккосинус), Arc $\mathrm{ctg}\,x$ (арккотангенс). Т. т. ф-дын азыркы теорияларын *Л. Эйлер* иштеп чыгып, белгиленишин ж-а негизги касиеттерин изилдеген. Т. т. ф. көпсиз көп мааниге ээ болгондуктан алардын башкы маанилери деп аталуучу arc $\sin x$, arc $\cos x$, arc $\mathrm{tg}\,x$, arc $\mathrm{ctg}\,x$ Т. т. ф-да каралат, arc $\sin x$, (arc $\cos x$) Т. т. ф-сы синусу (косинусу) x ке барабар болуп, $\left[-\frac{\pi}{2};\ \frac{\pi}{2}\right]$ ([0; π]) кесиндисинен алынган жаа (бурч) катары аныкталат. arc $\sin x$ (arc $\cos x$) монотондуу өсүүчү (кемүүчү), чектелген, так (жуп) функция. Жогорудагыга окшош arc $\mathrm{tg}\,x$ (arc $\mathrm{ctg}\,x$) Т. т. ф-ы тангенси (котангенси) x ке барабар $\left]-\frac{\pi}{2};\ \frac{\pi}{2}\right[$ ([0; π]) интервалында каралган жаа (бурч) катары аныкталат. arc $\mathrm{tg}\,x$, arc $\mathrm{ctg}\,x$]—∞; ∞[интервалында аныкталган, өсүүчү (кемүүчү), так (так да, жуп да эмес) функция. Т. т. ф-дын жалпы ж-а башкы маанилери төмөнкүдөй байланышкан: Arc $\sin x=(-1)^n$ arc $\sin x+\pi n$, Arc $\cos x=\pm\arccos x+2\pi n$, Arc $\mathrm{tg}\,x=\mathrm{arc\,tg}\,x+\pi n$, Arc $\mathrm{ctg}\,x=\mathrm{arc\,ctg}x+\pi n$, мында n — бүтүн сан.

ТЕСКЕРИ ФУНКЦИЯ — берилген функцияга тескери функция. Эгер $y=f(x)$ берилген функция болуп, x өзгөрмөсү y өзгөрмөсү аркылуу туюнтулса, $y=f(x)$ функциясына карата $x=\varphi(y)$ Т. ф. болот. Мис., $y=ax+b\,(a\neq0)$ функциясына Т. ф. $x=(y-b)/a$ функциясы. $y=e^x$ функциясына $x=\ln y$ Т. ф. Ал бир же көп маанилүү болушу мүмкүн. Матем. анализде $x=\varphi(y)$ көз карандылыкта x ж-а y тердин ролдорун алмаштырып, $y=\varphi(x)$ түрүндө берүү шарт кылып алынган.

ТЕСЛА—магнит индукциясынын *Бирдиктердин эл аралык системасындагы* бирдиги. Туурасынан кесилиши 1 $м^2$ болгон аянт аркылуу агып өткөн 1 *вебер* магнит агымынын магнит индукциясы 1 Т-га барабар. Серб илимпозу Н. Тесланын ысымынан. Белгилөзу Н. Тесланын ысымынан. Белгилениши: *тл*, эл аралык — Т. 1 *тл* = 10^4 *гс* (*гаусс*).

ТЕССИТУРА (итал. tessere — токуу дегенден) — ырчы үнүнүн же муз. аспаптын диапазонунун муз. чыгармада колдонулуучу бир бөлүгү. Муз. чыгарманын көркөм аткарылуусу (табигый, кооз, эркин ж. б.) үчүн Т. вокалдык чыгармада ырчы үнүнө, аспаптык чыгармада муз. аспаптын тех. мүмкүнчүлүгүнө шайкеш болуусу зарыл.

ТЕСТОСТЕРОН (лат. testis — эркектин жыныс бези ж-а гр. stereóo — өнүктөнтөм), $C_{19}H_{28}O_2$ — эркектин жыныс гормону. *Стероидге* кирет. Негизинен эркектин жыныс безинде иштелип чыгат. Медицинада Т-дун синтет. бирикмелери эркектин жыныс функциясы начарлаганда ж-а аялдардын өмчөк рагын алдын алууда колдонулат.

ТЕТИС (байыркы грек дениз кудайы Фетиданын ысымынан) — мезозойдо Европа ж-а Сибирь континенттерин Африка м-н Индостандан бөлүп, Атлантика океаны м-п Тынч океанды туташтырган байыркы океан алабы. Терминди 19-к-да австриялык геолог Э. Зюсс киргизген. Ошол эле райондогу палеозойдук океан алаптары — Палеотетис, палеоген-неогендеги деңиздер Паратетис деп аталат. Паратетистин калдыктары — азыркы Жер Ортолук, Кара ж-а Каспий деңиздери.

ТЕТРА..., тетр... (гр. tetra-) — татаал создердүн төрт деген санга барабар маани туюнтуучу болүгү. Мис., *тетрахлорэтан, тетрациклин*.


ГЕТРАНИТРОМЕТАН, $C(NO_2)_4$ — азот кычкылдары жыттанган түссүз суюктук; кайноо t 125,7°С, тыгыз. 1,64 *г/см*³. Азот к-тасында эрийт, сууда, күкүрт к-тасында эрибейт. Хим. жактан туруктуу, жегич чөйрөдө аромат ж-а алифат бирикмелерди нитрлейт. Активдүү кычкылданткыч. Т.— күчсүз жарылгыч зат, бирок орг. заттар м-п абдан күчтүү өте сезгич жарылгыч аралашма пайда кылат. Ал ацетиленди нитрлөө м-п алынат. Т. жарылгыч заттарды, ракета отундарын кычкылданткыч ж-а нитроформду алууда алгачкы продукт катары колдонулат.

ТЕТРАФТОРЭТИЛЕН, перфторэтилен, $CF_2=CF_2$ — түссүз, жытсыз газ. Сууда эрибейт, орг. эриткичтерде эрийт, кайноо t —76,3°С. Көпчүлүк мономерлер м-п оңой полимерленет ж-а сополимерленет. Ө. ж-да дифторхлорметанды CF_2ClH 630—800°Сде атм-ралык басымда пиролиздөө м-п алат; негизинен политетрафторэтиленди (к. *Фторопласттар*) алууда колдонулат.

ТЕТРАХЛОРЭТАН, 1,1,2,2-тетрахлорэтан, $C_2H_2Cl_4$ — хлороформ жыттанган түссүз суюктук, кайноо t 146,2°С, тыгызд. 1,597 *г/см*³. Орг. эриткичтерде жакшы эрийт. Фосфор, күкүрт, май, чайыр ж. б. орг. ж-а орг. эмес бирикмелерди эритет. Бирок уу болгондуктан аз колдонулат. Т. ацетиленди хлордоодон алынат. Көбүнчө трихлорэтиленди алуу үчүн керектелет.

ТЕТРАЦИКЛИНДЕР — хим. түзүлүшү, биол. активдүүлүгү б-ча окшош табигый ж-а чала синтет. антибиотиктер тобу. Табигый Т. (окситетрациклин, хлортетрациклин) — *актиномицеттердин* жашоосунда пайда болгон продуктулар. Алар көпчүлүк *бактериялар, спирохеталар, риккетсиялар* ж. б-нын көбөйүшүн токтотот. Т. дем алуу, тамак сиңирүү, сийдик бөлүп чыгаруу органдарынын микроорганизмдер козгогон ооруларында колдонулат.

ТЕТРАЭДР (*тетра...*, гр. hédra — негиз, грань) — туура көп грандыктын бир түрүнүн бири; анын үч бурчтуу 4 граны, 4 чокусу (ар бир чокусунан Этон кыр өтөт) ж-а 6 кыры бар. Эгер Т-дин кырынын узундугу a болсо, анын көлөмү $v=a^3\sqrt{2/12}\approx0,1179\ a^3$ болот. Т. туура үч бурчтуктуу пирамида болуп эсептелет.



ТЕТРАЭДРИТ — татаал сульфиддер классчасындагы минерал. Хим. формуласы $Cu_{12}Sb_4S_{13}$. *Куб системасында* кристаллдашат. Өңү боз, каралжын. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 3—4, салышт. салм. 4,4—5,4. К. *Өңү өчкөн рудалар.*

ТЕТРОД [*тетра...* ж-а *(электр)од*] — термоэлектрондуу катоддон, өки торчодон ж-а аноддон турган төрт электроддуу электрондук лампа. Т. печен ондогон *Мгц*ке чейинки жыштыктагы аз, орт. же чоң кубаттуулуктуу кабылдагыч *күчөтүүчү лампа* же кичине генератор лампасы болуп иштейт. Көбүнчө кабылдагыч күчөткүч Т-дун катоду оксиддүү, генератор Т-дуку вольфрамдуу. Т-дун торчосу зымдан (Ni, Мо же W) жасалат. Катодго жакын биринчи торчо башкаруучу, экинчиси экрандоочу болуп иштейт. Т.— триоддун өркүндөтүлгөн түрү, аны 1919-ж. немец илимпозу В. Шотки иштеп чыккан.

ТЕХАС — АКШнын түштүгүндөгү штат. Түштүгүнөн Мексика булуңу чулган жатат. Аянты 692 миң $км^2$, калкы 12,2 млн (1975). Шаар калкы 80%. Админ. борбору — Остин ш. Маанилүү шаарлары: Хьюстон, Даллас, Форт-Уэрт, Сан-Антонио. Т.— индустр.-агрардык штат. Нефть, газ, күкүрт, гелий казып алуу б-ча АКШда 1-, а. ч. продукциясы б-ча 3-орунда. Электр станцияларынын кубаттуулугу 20 *Гвт* (1973). Негизги ө. ж. тармактары — нефть ажыратуу ж-а химия (синтет. чайыр, каучук, пластмасса, жер семирткич, кислота ж. б.). Аэрокосмос ж-а түстүү металлургия (алюминий ж-а магний иштетүү) ө. ж-лары өнүккөн. Тамак-аш, тигүү, металл иштетүү, машина куруу (нефть-газ ж-а химия ө. ж-лары үчүн жабдуулар, радио электроника, кеме куруу) ө. ж-лары бар. А. ч. продукциясынын 2/3 бөлүгүн дыйканчылык берет. Т. АКШда пахта м-н шалынын түшүмүн жыйноо ж-а үй, кой, эчкилердин саны б-ча 1-орунда. Буудай, ак жүгөрү, жашылча-жемиш ж. б. өстүрөлөт.

ТЕХНЕЦИЙ (лат. Technetium), Tc — Менделеевдин мезгилдик системасынын VII тобундагы радиоактивдүү хим. элемент, ат. н. 43, ат. м. 98, 9062. Т-дин 20дай радиоактивдүү изотобу бар. 1937-ж. жасалма жол м-н алынган. Т.— жумшак, ийилчээк, жалтырак боз металл, эрүү t 2200±50°С, кайноо t 4700°С, тыгыз. 11,487 $г/см^3$. Хим. касиеттери Mnке, өзгөчө Reге окшош. Кычкылдануу даражасы —1 ден +7ге чейин. Кычкылтек м-н кычкылдарды Tc_2O_7, TcO_2, галогендер м-н галогениддерди TcX_6, TcX_5, TcX_4, күкүрт м-н сульфиддерди Tc_2S_7, TcS_2 пайда кылат. Т. туз к-тасы м-н реакцияга кирбейт, азот, күкүрт к-талары-нда, падыша арагында, суутек ото кычкылында жакшы эрийт. Атом ө. ж-нын калдыктарынан алынат. Металл түрүндөгү Т. TcO_2, Tc_2S_7 ж. б-ны 600—1000°Сде суутек м-н калыбына келтирүү же электролиз жолу м-н алынат. Т. катализатор, коррозия ингибитору катары ж-а медицинада колдонулат.

ТЕХНИКА (гр. téchnē — иск-во, усталык, билгичтик) — өндүрүш процесстерин ишке ашыруу ж-а коомдун өндүрүштүк эмес керектөөлөрүн тейлөө үчүн курулган каражаттардын тобу. Т. эмгекти жеңилдетүү, анын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу максатында күч ж-а акыл эмгегине байланыштуу адамдын милдетин толугу м-н же жарым-жартылай аткарууга багытталган. Т. материалдык, мад-т байлыктарын түзүүдө, энергияны алуу, жеткирүү ж-а өзгөртүүдө, жаратылыштын ж-а коомдун өнүгүү закондорун изилдөөдө, информацияны топтоо, сактоо, иштетүү ж-а берүүдө, тиричиликти тейлөөдө, коомду башкарууда, тынчтыкты камсыз кылуу ж-а аскер ишинде колдонулат. Аткарган милдетине жараша Т. өндүрүштүк (технол. машиналар — металл иштетүүчү, курулуш, тоо-кен, металлургия, а. ч., текстиль, тамак-аш, кагаз чыгаруучу ж. б.; транспорт машиналары — автомобиль, тепловоз, электровоз, самолёт, теплоход ж. б.; ташуучу машиналар — конвейер, элеватор, кран, көтөргүч ж. б.; текшерип-башкаруучу ж-а эсептөөчү машиналар; энергетикалык машиналар — электр кыймылдаткыч, ички күймө кыймылдаткыч, турбина ж. б.) ж-а өндүрүштүк эмес (турмуш-тиричилик машиналары — кир жуугуч, ашкана машиналары, муздаткыч, чаң соргуч, телекөрсөткүч, магнитофон ж. б.; транспорт каражаты — жеңил автомобиль, мотоцикл, велосипед ж. б.; спорттук — жарышуучу автомобиль, гимнастика жабдыктары, кайык ж. б.; билим берүү, окутуунун тех. каражаттары, кино ж-а фотоаппаратура, сцена Т-сы ж. б.; аскер Т-сы — танк, артиллерия, ракета установкалары, учуучу аппарат, кеме ж. б.) болуп бөлүнөт.

Т. алгачкы адамдын олдоксон кол куралдарынан тартып азыркы ө. ж-дын татаал автоматтык түзүлүштөрүнө чейинки тарыхый узун жолду басып өттү. Коомдук өндүрүштүн өсүшүндө технол. ж-а транспорттук иштерди аткарган жумуш аткаргыч машиналар өзгөчө роль ойноду. Жип ийргич машинанын ойлонуп табылышы, буу машинасынын пайда болушу 18-к-дын акыры — 19-к-дын башында ө. ж. төңкөрүшүнө алып келди. Бир эле буу машинасы м-н мурдагыдай бир гана жумуш аткаргыч машинаны эмес, толуп жаткан машинаны кыймылга келтирүүгө мүмкүн болду. Эгер мурда буу машинасын, мех. станокту ж. б-ны көз бир гана уста адамдар жасаган болсо, эми татаал жумуш аткаргыч машиналар болок машиналардын жардамы м-н масалык түрдө чыгарыла баштады. Акырындап, эмгектин тех. каражаттары ө. ж-дын бардык тармактарына тарады. Машинанын жардамы м-н өндүрүү дүйнөдөгү индустриясы өскөн бардык өлкөлөрдө жайылды (19—20-к.). Ири ө. ж-дын өсүшү м-н тех. каражаттардын конструкциялары оркүндөтүлүп, кубаттуулуктары артып, өндүрүмдүүлүгү өстү. Эски буу машиналарынын ордуна үнөмдүү, чоң эмес ички күймө кыймылдаткычтар, электр кыймылдаткычтары пайда болуп, алар жумуш аткаргыч ж-а транспорт машиналарынын жаңы түрлөрүнүн пайда болушуна түрткү берди. Өндүрүштүн технол. процесстерин аткарууда бир гана машина эмес, машиналар системасы колдонула баштап, үзгүлтүксүз өндүрүштү, адамдын катышуусу м-н негизги ж-а жардамчы операцияларды аткаруучу автоматтарды колдонууга мүмкүндүк түздү. Ошентип татаал технол. операцияларды аткаруучу машина-автоматтарды түзүүгө жетишилди.

Т-нын негизги көрсөткүчтөрү — аның өндүрүмдүүлүгү (убакыт бирдигинде чыгарылган продукциянын саны), үнөмдүүлүгү (Т-ны колдонгондо кеткен сырьё, материал, отун ж-а энергия, ө. эле жардамчы түзүлүштөрдүн наркы), ишенимдүүлүгү (бузулбастан иштеп, керектүү сапаттагы ж-а сандагы продукцияны алуу мүмкүндүгү) болуп эсептелет. Бул өндүрүштүк көрсөткүчтөрдү камсыз кылуу м-н бирге Т. эргономиканын (тех. системалардын ишинин адамдын физиологиясы м-н психикасынын өзгөчөлүктөрүнө туура келиши), тех. эстетиканын (адамдын эмгек шартын, үй-тиричилигин ж-а эс алуусун жакшыртуу максатында Т-га коюлган негизги талаптар), экологиянын (жаратылыш чөйрөсүн сактоо ж-а жакшыртуу) талаптарына да толук жооп бериш керек. Тех. прогрессти ишке ашыруу негизинен ө. ж-ды, курулушту, а. ч-ны, транспортту, өндүрүштү механикалаштыруунун ж-а автоматташтыруунун жаңы өнүккөн каражатары м-н жабдууга жараша болот. Ошондуктан Т-нын азыркы учурдагы өсүшү жаңы машиналардын, механизмдердин, аппараттардын, приборлордун кеңири номенклатурасын түзүү, жаңы буюмдардын болүктөрүн максимум стандартташтыруу ж-а оптоштуруу, электрониканын, радиотехниканын, хим. технологиянын, авиациянын, космос, ядро Т-сынын, автоматтык башкаруу ж-а жөндөө системасынын, лазер эсептөө Т-сынын ж. б-нын ургаалдуу өсүшү м-н мүнөздөлөт. Т-нын өсүшүнүн дагы бир тенденциясы — тех. каражаттарды акыл эмгегин жеңилдетүү, аны өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн колдонуу. Электрониканын, киберне-тиканын өсүшү, ЭЭМдин өздөштүрүлүшү тех. каражаттарга адам аткаруучу иштерди жүктөөгө мүмкүндүк түздү.

Т. өндүрүштүн ж-а илимдин көп тармактарында кеңири колдонула баштады. Т-нын өсүшү — ил.-тех. прогресстин негизги шарты. Эгер мурда Т. практикалык билимдин ж-а тажрыйбанын негизинде курулса, азыр Т-нын жетишкендиктери илимдеги ачылыштар м-н байланыштуу. Практикалык жол м-н ядро реактору, лазер, ЭЭМ сыяктуу техниканын каражаттарын куруу мүмкүн эмес. Бирок өндүрүш, анын керектөөлөрү илимдин өсүшүнө чечүүчү таасир тийгизип, өндүрүштүн тех. деңгээли илимдин жетишкендиктерин колдонуунун даражасы м-н аныкталат. Ошону м-н бирге өндүрүштүн материалдык ж-а тех. базасы ил.-изилдөөнүн да базасын түзүп, ил. эксперименттердин санатына таасир тийгизет. Илим м-н Т-нын өсүшү, алардын бир бири м-н байланышы, бир бирине таасири, илимдин түздөн түз өндүрүчү күчкө айланышы азыркы ил. тех. революциянын бирден бир олуттуу жагын түзөт. Ил. жетишкендиктердин ж-а ачылыштардын негизинде Т-нын бардык тармактарында сапаттык өзгөрүүлөр болуп турат. Эмгектин болок-болок процесстерин механикалаштыруудан өндүрүштү бүтүн бойдон комплекстүү механикалаштырууга ж-а автоматташтырууга, башкаруунун автоматташтырылган системасына өтүү өздөштүрүлүүдө. Т-нын өсүшү коомдук өндүрүш системасына байланышта, анын деңгээли коомдун деңгээлин аныктайт.

Ад.: Мелещенко Ю. С., Щухардин С. В., Ленин и научно-технический прогресс, Л., 1969; История техники, М., 1962; Очерки развития техники в СССР, кн. 1—5, М., 1968—76; Человек—наука—техника, М., 1973; Партия и современная научно-техническая революция в СССР, М., 1974; Научно-техническая революция и преимущества социализма, М., 1975.

ТЕХНИКАЛЫК АНАЛИЗ — ө. ж. керектөөчү же өндүрүп чыгаруучу сырьёну, чала ж-а даяр продуктуларды физ., физ.-хим. ж-а хим. анализдөө ыкмаларынын жыйындысы. Т. а. технол. процесстердин ар кандай баскычтарын контролдойт. Өндүрүштүк таштандыларды анализдөө да Т. а-ге кирет. Т. а-дө анализдин негизги ыкмалары: хим. (салмактык, коломдук, колориметрлик), физ.-хим. (электр-салмактык, полярографиялык, амперметрлик, потенциометрлик), физ. (рентгенспектрдик, активациялык, магниттик) ж. б. колдонулат. Т. а. методдору маркалоочу, контролдоочу (арбитраждык), ылдамдатылган (экспресстик) болуп бөлүнөт.

ТЕХНИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ — ө. ж., курулуш, транспорт, байланыш, а. ч. ж-а токой чарбасы үчүн инженер, тех. кадрларды даярдоо (эл чарбасы үчүн адис жумушчулар профессиялык-техникалык *билим берүү* системасында даярдалат). Атайын Т. б. б. м-н катар жардамчы ж-а жалпы Т. б. б. да бар. Анын максаты — жог. окуу жайлардын студенттерине ж-а атайын орто окуу жайлардын окуучуларына илимдин, мад-ттын тармактарында колдонулуучу машина, аппарат, механизм, башкаруунун автоматтык каражатын пайдалануунун негизги шарттарын, ошондой эле өндүрүштүн уюштурулушун, эмгекти уюштуруу ж-а эмгекти төлөө формаларын үйрөтүү. Т. б. б-го *университеттердин* геол., хим., физ., биол. ж. б., а. ч. ин-ттарынын агрономия, зоовет. ф-теттеринде, мед., пед. ж. б. ин-ттарда ж-а атайын орто окуу жайларда өтүлүүчү тех., технол. сабактар кирет.

Жалпы билим берүүчү орто мектептерде жалпы Т. б. б. эмгек, политех. окутуу процессинде жүзөгө ашырылат (к. *Политехникалык билим берүү*). СССРде атайын Т. б. б. системасына геол., тоо-кен, энергетика, металлургия, машина куруу, радиоэлектроника, курулуш, гидрометеорология, транспорт, байланыш ж. б. тармактар кирет. Жог. тех. билимдүү адистерди политех. ж-а индустр. ин-ттар, жог. тех. окуу жайлар, айрым ун-ттердин тех. ф-теттери, о. эле тех. аскер окуу жайлары даярдайт. Т. б. б-нүн окуу планына жалпы ил., жалпы инженердик ж-а атайын сабактар кирет. Тех. жог. окуу жайды бүткөндөр өз кесиби б-ча инженердик квалификация алат. Техниктер көп адистик б-ча атайын орто окуу жайда даярдалат (к. *Атайын орто билим берүү*). Жог. тех. окуу жайга караганда тар мааниде квалификациялуу тех. илимдер б-ча ил. ж-а ил.-пед. кадрлардын көбү тех. орто окуу жайларды ж-а ил. из. ин-ттардын *аспирантурасында* даярдалат. Т. б. б. соц. мамлекеттерде да бир кыйла ийгиликтерге жетишти. Капит. мамлекеттерде жог. тех. билим берүү ун-ттерде, адистештирилген жог. тех. окуу жайларда, тех. орто билим берүү ун-т коллеждеринде ж. б. тех. орто окуу жайларында жүргүзүлөт. Өнүгүп жаткан мамлекеттерде, мис., Индияда — Бомбей, Кхарагпур, Каннур, Мадрас технол. ин-ттары, Бенгал инженер коллежи, Пун, Варанаси инженер коллежи; Бирмада — Рангун технол., Мандалай тех. ин-ттары; Египетте — Каир, Александрия ун-ттери ж. б. бар. Ил.-тех. прогресстин талабына ылайык көп мамлекеттерде Т. б. б. б-ча реформа жүргүзүлүүдө.

Кырг-пда Т. б. б. ФПИде, Кырг-н айыл чарба ин-тунда, КМУнун айрым ф-теттеринде, о. эле Фрунзе политех. техникумда жүзөгө ашырылат.

Ад. к. Жогорку билим макаласынан.

ТЕХНИКАЛЫК ДОКУМЕНТАЦИЯ — ө. ж. буюмдарын конструкциялоо, даярдоо, о. эле имараттарды ж-а курулмаларды долбоорлоо, куруу ж-а пайдалануунда колдонулучу графикалык ж-а тексттүү документтер системасы. Ө. ж. буюмдарынын Т. д-сы ал буюмдардын түрүн, түзүлүшүн, составын аныктап, СССРдин мамл. стандарт системасына киргүүчү Бирдиктүү конструктордук документация системасына (БКДС) ж-а Бирдиктүү технол. документация системасына (БТДС) ылайык келтирилет. БКДС — конструкциялык документацияны иштеп чыгуу, аны толук жазуу, топтоо ж-а колдонуу ж-дөгү эрежелерди ж-а жоболорду белгилеген мамл. стандарттар жыйындысы. Конструктордук документтерге тетиктердин чиймеси, схемалар, ведомосттор, тех. шарттар ж. б. кирет. БТДС — технол. документацияны текшерүү, аны толуктап жазуу, топтоо ж-а колдонуу тартиби ж-дөгү эрежелерди ж-а жоболорду белгилеген мамл. стандарттар жыйындысы. Технол. документтерге: маршрут ж-а операция карталары, эскиздер ж-а схемалар картасы, өзгөчө технол. документтер, технол. инструкция, материал ж-а жабдуулар б-ча ведомосттор кирет, к. *Технологиялык документация.*

ТЕХНИКАЛЫК КЕЗДЕМЕ — машина тетиктерин, түрдүү тех. буюмдарды жасоодо колдонулучу кездеме. Ал бардык *текстиль* жибинен ж-а текстиль буласынан токулат. Калька, ызгыт, каптооч (чехол) ж. б. жасоодо Т. к. катары кээ бир кездеме (мис., даки, миткаль, астар кездеме) пайдаланылат. Ө. ж-дын кээ бир тармагында Т. к-нин ордуна синтет. плёнка керектелет. Т. к-нин ичинен корд, тасмалык, транспортёрдук, жеңдик, пресстик ж-а чыпкалоочу кездеме кеңири таралган. Корд резиналанган кездеме шинанын каптоосунун каркастарында пайдаланылат. Тасмалык ж-а транспортёрдук кездеме чубурма конвейердик ж-а тасмалуу кыймылга келтиргич тасманы даярдоодо, жеңдик кездеме басым астында иштөөчү кыймыл өткөргүч түзүлүштөрдө колдонулат. Пресстик кездеме полиграфия, токуу ж. б. ө. ж-да, чыпкалоочу кездеме хим., комүр, тамак-аш, кагаз, мед., ж. б. ө. ж. тармагында пайдаланылат.

Ад.: Технические ткани и их применение, М., 1965.

ТЕХНИКАЛЫК КИБЕРНЕТИКА — башкаруунун тех. системаларын изилдөөдө *кибернетиканын* идеяларын ж-а методдорун колдонууга байланыштуу ил. багыт. Т. к.— өндүрүштү комплекстүү автоматташтыруу, транспорт, ирригация ж-а газ бөлүштүрүү системалары, атом электр станциялары, космос кемелери ж. б. үчүн башкаруу системаларын түзүүнүн ил. негизи. Татаал башкаруу системаларындагы «адам — машина» проблемасына тийиштүү адам м-н автоматтык түзүлүштөрдүн ортосундагы функциялык бөлүштүү Т. к-нын негизги маселеси. Башкаруунун автоматташтырылган системасынын ишинде адамдын катышуусу адам — оператордун физиол. ж-а психол. өзгөчөлүктөрүн да эске алат. Ушуга байланыштуу Т. к-га тыгыз байланышкан ил. изилдөөлөрдүн жаңы багыты — *инженердик психология* пайда болду. Көп перселерди чечүүдө (мис., кемелердин ж-а учуучу аппараттардын навигациясы, өлчөгүч ж-а текшерүүчү түзүлүштөрдү куруу, окуй турган автоматтарды түзүү ж. б.) Т. к-нын адистери жаратылышта таталып, иштелип чыккан ыкмалар-

ды колдонууга аракеттенет. Бул ил. жаңы багытты — *бионикани* пайда кылды.

Т. к-ның дагы бир багыты — образдарды айрып таануу. Айрып тааныучу системалар окуучу автоматтарды курууда гана эмес, технол. процесстердин же физ. эксперименттердин абалын мүнөздөөчү шарттарды аныктап, айрып тааныууда, о. эле мед. диагноз коюунун автоматтык каражаттарын иштеп чыгууда да колдонулат. Т. к-ның өсүшүнүн өзгөчөлүгү — эсептөө техникасын башкаруунун тех. системаларында ж-а мекемени башкаруунун автоматташтырылган системаларында кеңири колдонулушу. Мындай системаларды куруу — таатаал ж-а көп кырдуу маселе. Анын ил. негизи — Т. к., *системотехника, информация теориясы, экономикалык кибернетика.* Т. к. негизинен өндүрүштү башкаруу деңгээлиндеги маселелерди — агрегатты, технол. процессти башкарууну чечет. Системотех. башкаруу деңгээлиндеги мекемени, комбинатты же тармакты администрациялык уюштируу, башкаруу, о. эле долбоорлоо процесстерин ж-а татаал ил. эксперимент иштерин автоматташтыруу маселелерин карайт.

Туруктуулук, оптималдуулук, образдарды айрып таануу, автоматтарды изилдөө, экон.-матем. маселелерди чечүүнүн методдору Т. к-да чоң мааниге ээ.

Ад.: Теория автоматического регулирования, в 3-х кн. Под ред. В. В. Солодовникова, М., 1967—69; Устройства и элементы систем автоматического регулирования и управления (в. 3-х кн.). Под ред. В. В. Солодовникова, М., 1973—78.

ТЕХНИКАЛЫК-ӨНДҮРҮШТҮК ФИНАНСЫ ПЛАНЫ *о н о р ж а й и ш к а н а н ы н* (техпромфиплан) — соц. ө. ж. ишкана (бирикме) коллективинин кезектеги (жылдык) комплекстүү өндүрүштүк, тех., финансы иштинин, о. эле социалдык өсүшүнүн планы. Анда мамл. план тапшырмаларды натыйжалуу аткарышы алдын ала иштелип чыгып, келечек план көрсөткүчтөрү айкындалат. Т.-ө. ф. п. сырьёну, материалды, негизги өндүрүч фондду, эмгек ж-а акча ресурсун пайдалануунун алдыңкы техника-экон. нормасына ж-а нормативдерине негизделет. Эл чарбасына керектүү продукцияны өндүрүүнү көбөйтүү максатында анда өндүрүштө ил.-тех. прогресстин жетишкендиктерин жайылтуу, бүт резервди мобилизациялоо, бардык жерде үнөм тартибин киргизүү, чарб. эсепти колдонуу, башкаруу методдорун өркүндөтүү, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу сыяктуу көрсөткүчтөр алдын ала белгиленет. Т.-ө. ф. п. жог. органдар бекиткен тех.-экон. көрсөткүчтөрдү бир жылга квартал сайын бөлүү аркылуу түзүлөт.

Ад.: Ленин В. И., Совет бийлигинин кезектеги милдеттери, Чыг., кырг. 1-бас., 27-т., 247—92-б.; Ковалевский А. М., Перспективное планирование на промышленных предприятиях и в производственных объединениях, М., 1973.

ТЕХНИКАЛЫК ӨСҮМДҮКТӨР — түрдүү ө. ж. тармагында сырьё катары пайдаланылчу эгилме өсүмдүктөр. Алынуучу продуктуга карата: *крахмалдуу өсүмдүктөрдүн* крахмалы түймөгүндө (картошка, батат, ямс ж. б.), *канттуу өсүмдүктөрдүн* канты сабагында (бал камыш, бал зарак ж. б.), мөмө тамырда (кант кызылча), гүлүндө (кант ж-а шаран пальмасы) кездешет. *Май өсүмдүктөрүндө өсүмдүк майы* уругунда ж-а мөмөсүндө (күн карама, жер жаңгак, соя, рапс, күнжүт, горчица, кокос ж-а май пальмасы, маслина ж. б.), *эфир-май өсүмдүктөрүндө эфир майы* жердин үстүнкү бөлүгүндө (жалбыз, каз таман, райкан ж. б.), гүлүндө (эфирмай розасы, лаванда, тубероза, сирень), мөмөсүндө (анис, фенхель ж. б.), тамырында (ветиверия, чекилдек ж. б.) топтолот. *Кендир* (була) *өсүмдүктөрүндө текстиль булачы* сабагынан (зыгыр, жут, кенеп, кара куурай ж. б.), жалбырагынан (жаңы зеландия зыгыры ж. б.), уругунан (гозо), мөмөсүнөн (сейба) алынат. Т. ө-дүн ичинен *каучуктуу* (гевея, кваола), *гуттаперчалуу* (бересклет, эвкоммия), *ашаткылуу* (бадан, карагай ж. б.), *боёктуу* (ышкын, марена), *дары-дармек* (мышык тамыр, оймок гүл, мээр чөп ж. б.), *наркотиктүү* (тамеки, анийим) ж. б. өсүмдүктөр зор мааниге ээ. Айрым Т. ө-дөн (зыгыр, гозо ж. б.) буладан башка май да өндүрүлөт. Т. ө.— түрдүү ботан. тукумга кирүүчү бир же көп жылдык өсүмдүктөр. СССРде, анын ичинен Кырг-нда картошка, күн карама, кант кызылча, гозо, тамеки сыяктуу өсүмдүктөр эгилет.

ТЕХНИКАЛЫК ПРОГРЕСС СТАТИСТИКАСЫ — экон. статистиканын эл чарбадагы тех. прогрессти, өндүрүш м-н чыгарылуучу продукциянын тех. абалын ж-а өзгөрүү деңгээлин, жаңы машина, материал, прогресстүү технол. процесстерди түзүүнү, жайылтууну изилдөөчү тармагы. СССРде мезгилдүү жылдык отчёттор, бир ирет эсепке алуу м-н атайын текшерүү материалдары — Т. п. с. үчүн маалымат булагы. Анын өң маанилүү милдети — ил. из. иштеринин планынын орундалышын, илим м-н техниканын жетишкендиктеринин эл чарбасында пайдаланылышын эсептөө, контролдоо ж-а изилдөө, тех. прогресстин улам өсүшү үчүн резерв табуу. Жаңы техниканы жайылтуу ж-а натыйжалуу пайдалануу өндүрүштү, эмгекти ж-а башкарууну уюштыруунун оркүндөтүлүшүнө байланыштуу болгондуктан тех. прогресс көрсөткүчтөрүнө ө. ж-дагы, курулуштагы адистештирүү ж-а кооперациялаштыруу, эмгекти ж-а башкарууну уюштируу деңгээлинин көрсөткүчтөрү кирет.

ТЕХНИКАЛЫК ТЕЙЛӨӨ — тех. объектилердин натыйжалуу иштөөсүн камсыз кылуу үчүн алар иш аткарып жаткан кезде тех. каражаттарды тескөөчү тех. ж-а уюштируу чараларынын комплекси. Азыркы татаал техниката (автомобиль, технол., агрегаттар) Т. т-нүн бирдиктүү эрежеси белгиленип, ал Т. т-нүн системасын түзөт да, белгилүү техникалык *документацияга* катталат. Т. т. профилактика ж-а калыбына келтирүү болуп бөлүнөт. Т. т-нүн структурасы объекти пайдалануунун шартын эсепке алып, профилактикалык иштердин тизмесин, аларды жүргүзүү мезгилин ж-а аткаруучу адистердин составын аныктайт. Анда зарыл болгон аспаптар, материалдар, текшерип чөнөө приборлору ж. б-дын тизмеси көрсөтүлөт.

ТЕХНИКАЛЫК ЭСТЕТИКА — адамдын өмүрү ж-а ишмердүүлүгүнө багытталып, ө. ж. өндүрүш каражаттары аркылуу түзүлө турган гармониялуу чойрө жаратуунун социалдык маданий, тех. ж-а эстет. проблемаларын изилдөөчү ил. тармак. Т. э. дизайндын теориялык негизин түзүү м-н аның коомдук табиятын, өнүгүү закон ченемин, көркөм конструкциялоонун принциптерин ж-а методдорун, конструктор-сүрөтчүнүн чеберчилик ж-а кесиптик чыг-лык проблемаларын изилдейт. Т. э-нын негизги бөлүмү — дизайндын жалпы теориясы ж-а көркөм конструкциялоо теориясы. Дизайндын жалпы теориясы аның социалдык маңызын, пайда болуу шарттарын, тарыхын, азыркы мезгилдеги абалын ж-а келечек өнүгүш багытын, дизайндын искусство, техника ж-а бүтүндөй мад-т м-н байланышын, предметтүү чойрөнүн эстетика маселелерин изилдейт. *Көркөм конструкциялоо теориясы* долбоорлоо процессинин жалпы структурасында көркөм конструкциялоонун ордун тактайт, аның типологиялык өзгочолугун, конструктор-сүрөтчүнүн чыг-лык ой жүгүртүү закон ченемин изилдеп, аны кесиптик иштердин тизмесин, аларды жүргүзүү мезгилин ж-а аткаруучу адистердин составын аныктайт. Маанилүү болгу — ө. ж. буюмдарының түрүн ж-а композициясын түзүү теориясы. Т. э-нын өзгочө болүмү көркөм-конструктордук билим берүү негизин иштеп чыгуу: атайын курстардын, окуу сабактарынын мазмунун ж-а түзүлүшүн, кесиптик ой жүгүртүүнүн ж-а методикасын түзөт. Социализмде Т. э. жумуштун өң жакшы шарттарын түзүүдө, элдердин турмуштиричилик ж-а эс алышында, телегейи текши өнүккөн адамды тарбияло одо, аның материалдык, эстетикалык ж-а мад-т деолоттөрүнө коммунисттик мамилесин калыптандырууда өтө маанилүү. Соц. өлкөлөр м-н СССРдеги Т. э. б-ча негизги жетекчи уюмдар—Көркөм конструкциялоо б-ча эл аралык уюмдар советинин мүчөлөрү. СССРде Т. э. маселелери «Техническая эстетика» информ. бюлетенде ж. б. атайын чыгарылган китепчелерде жарыяланууда.

Ад.: Вопросы технической эстетики. Сб. ст., в. 1—2, М., 1968—70; Техническая эстетика, в. 1—9, М., 1971—75.

«ТЕХНИКА МОЛОДЁЖИ» — ВЛКСМ БКнын ай сайын чыгуучу коомдук-саясий, ил.-көркөм ж-а өндүрүштүк журналы. 1933-ж. июлдан Москвада чыгат. Тиражы 1,7 млн (1979).

ТЕХНИКА-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР — ишкананын (өндүрүш бирикмесинин) материалдык-өндүрүш базасы ж-а ресурстардын комплекстүү пайдаланылышын деңгээлин көрсөтүүчү өлчөмдөр системасы. Т.-э. к. өндүрүштү ж-а эмгекти, техника деңгээлин, продукт сапатын, негизги ж-а айланма фондулар м-н эмгек ресурстарын пайдалануунун пландоо ж-а анализдөөдө колдонулат. Алар ишкананын тех. өндүрүштүк финансы планын түзүүдө, прогресстүү тех.-экон. норманын ж-а нормативдердин бекитилишинде негиз болот.

Бардык ишканалар м-н тармактарга тиешелүү жалпы (бирдиктүү) ж-а айрым тармактардын өзгочолугун көргөзүүчү атайын Т.-э. к. бар. Жалпы Т.-э. к. эмгектин энергия ж-а электр м-н жабдылышын, өндүрүштү механикалаштыруу ж-а адистештирүү деңгээлин ж. б. билгизет. Өндүрүштү механикалаштыруу деңгээлин анализдөө үчүн томпокдой көрсөткүчтөр колдонулат: механикалашкан жумуштагы жумушчулардын салыштырма үлүшү; жалпы эмгек чыгымының ичинен механикалашкан жумуштун үлүшү; өндүрүш процесстерин механикалаштыруу ж-а автоматташтыруу деңгээли. Ө. ж. өндүрүшүн адистештирүү деңгээли бир түрдүү продукциянын жалпы чыгарылышында адистештирилген өндүрүштүн ж-а тармактын салыштырма салмагы, тармактын же ишкананын негизги продукт чыгаруу б-ча иши, чыгарылуучу буюмдардын түрү ж-а тиби м-н мүнөздөлөт. Тармактын атайын Т.-э. к-үнүн тизмеси тиешелүү формаларда ж-а пландарда белгиленет.

Т.-э. к-дүн ырааттуу системасы, аларды туура эсептөө методикасы ишканалардын тех. ж-а уюштируучулук деңгээлин дайыма салыштырып турууга, өндүрүш ичиндеги резервдерди табууга, күнделүк ж-а келечектеги пландарды түзүүнү жакшыртууга жардам берет.

ТЕХНИКУМ — СССРде ж-а бир катар башка өлкөлөрдө о. ж., а. ч., курулуш, транспорт ж-а байланыштын түрдүү тармактары үчүн атайын орто билимдүү адис даярдоочу орто окуу жайдын негизги түрү. 1978-ж. СССРде 4312 атайын орто окуу жай болгон. Кырг-нда 1978—79-окуу жылында Т-дун саны 19га жетип, аларды күндүзгү бөлүмдөрүндө 28 531 студент окуган.

ТЕХНОКРАТИЯ (гр. téchnē — өнөр ж-а krátos — бийлик) — 20-к-дын башында пайда болгон бурж. социол. агым. Т-лык түшүнүк б-ча капит. коомдун жаман жактары — мамлекетти «саясатчылар» башкаргандыгында, ал эми бийлик инженерлер м-н илимпоздордун (технократтардын) колуна өтсө, капитализм оңолмок имиш. Капит. экономиканы ж-а саясатты Т-лык сындоонун ары жагында мамл. аппараттын ө. ж. монополиясына түз же кыйыр түрдө баш ийишин актоо жатат. Өкүлдөрү: Г. Скотт, Г. Леб ж. б.



Г. Тешебаев.



М. Тешебаев.



Ф. Тешебаев.

ТЕХНОЛОГИЯ (гр. téchnē — өнөр, устаттык, билгичтик ж-а *...логия)* — арыкыл өндүрүш тармагында, курулушта ж. б-да сырьё, материал же буюмдар алуу, иштетүү жолдору м-н ыкмалардын жалпы аты; ал жолдорду ж-а ыкмаларды иштеп чыгуучу ж-а өнүктүрүүчү ил. тармак. Толук аталышы — «технологиялык процесс». Өндүрүштү тех. текшерүү, өндүрүш процессининн баяндамасы, түшүндүрмө эреже, инструкция, карта, графиктер да Т. түшүнүгүнө кирет. Өндүрүштө машина куруу Т-сы, тоо иштери Т-сы ж. б.; материалдарды иштетүүдө металлдар Т-сы, кездемелер Т-сы, тамак-аш Т-сы ж. б. болуп айтылат. Т. процессининн тех.-экон. натыйжалуулугу сырьё м-н энергияны салыштырма сарптоо менен, буюмдун саны ж-а сапатына, иштин өндүрүмдүүлүгүнө, буюмдун өздүк наркына карата бааланат.

ТЕХНОЛОГИЯЛЫК ДОКУМЕНТАЦИЯ — продукция алуу, буюм жасоо (ремонттоонун) ж. б. технол. процесстерди аныктоочу графиктүү ж-а тексттүү документтер жыйындысы. Андай документтер өндүрүш процессин уюштырууга негиз болот (к. *Технология*). Машина курууда мамл. стандарт м-н технол. документациянын бирдиктүү системасы белгиленген. Т. д-га маршруттук, эскиздик, технол. карталар, технол. инструкция, жабдуу м-н материалдардын ведомосттору кирет. *Маршруттук карта* — буюм жасоонун (ремонттоонун) бардык операциялары ж-а жабдуусу, жасалга-аспаптары, материалдары, эмгек чыгымдалышы ж. б. көрсөтүлгөн документ. *Эскиздер картасында* буюмду жасоонун технологиялык график түрүндө көрсөтүлөт. *Технол. карталарга* тетиктер, бирдиктер ж-а материалдар жыйындысы ж-дө маалыматтар жазылат. *Технол. инструкцияда* тех. процесстн контролдоо б-ча иштин ыкмалары ж-а методдору, жабдуу ж-а приборлорду пайдалануу эрежелери, кооптуздук чаралар көрсөтүлөт. Технол. процесстин ичиндеги иштердин түрүнө ж-а санына карата *операциялык карталар* түзүлөт. *Жабдуу ведомостунда* зарыл болгон курал ж-а аспаптардын тизмеси берилет. *Материал маалымат ведомостунда* материалдардын сарпталыш нормасы толук (майда-чүйдөсүнө чейин) жазылат.

ТЕШЕБАЕВ Ганар (1928-ж. т., Ош обл., Ноокат р-ну, Өрнөк кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1971). 1953-жылдан КПСС мүчөсү. 1943—46-ж. Ичкилик МТСинде эсепчи, 1956—59-ж. Өрнөк к-зунда колхозчу. 1962-жылдан Ноокат р-нундагы Салиева атн. к-здо тамекичилик бригадири. 1971-ж. анын бригадасы 46 *га* тамекинин гектарынан 27—29 *ц* түшүм алган. 1967-ж. «Социалисттик дыйканчылык устаты» деген наам берилген. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ТЕШЕБАЕВ Мамасалы [1923-ж. т., Ош обл., Куршаб р-ну (азыркы Өзгөн), Кызыл Октябрь кыш.] — Сов. Союз. Баатыры (1944). Дыйкан үйбүлөсүнөн. 1944-жылдан КПСС мүчөсү. 1941-жылдан Сов. Армияда. Улуу Ата Мек. согушта 667-аткычтар полкунда артиллерист. Воронеж, Украин ж-а Белорус фронтторуңда салгылашкан. 1943-ж. 25-сентябрда Днепрдин оң жээгине биринчилерден болуп өтүп, душмандын автомашинасын талкалап, 25 гитлерчинин жок кылган. Т. 1946-ж. Чкалов ш-ндагы тех. окуу жайын бүтүрүп, Львов аскер округунда зенитник пулемёттук взводдо командир. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. 1947-ж. демобилизацияланып, а. ч. мектебин бүтүрүп, Ош обл-ның «Отуз-Адыр» с-зунда гидротехник болуп иштейт.

ТЕШЕБАЕВ Файзулла (1925-ж. т., Ош обл., Сузак р-ну, Бостон кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1948). 1945-жылдан КПСС мүчөсү. 1941—47-ж. Сузак р-нундагы «Кызыл-Байрак» к-зунда жардамчы, баш бухгалтер, 1947—49-ж. пахта өстүрүүчү звеного башчы. 1947-ж. анын звеносу 3 *га* жердин гектарынан 91 *ц* пахта алган. 1954—56-ж. Сузак р-нундагы Дмитров атн., 1959—62-ж. К. Маркс атн. к-здо башкарманын пред-ли, 1965—67-ж. «Кырг-ндын 20 жылдыгы» атн. с-здо, 1967—69-ж. Араван р-нундагы «Пахтачы» с-зунда агроном. Кыргыз ССР Жог. Советинин (3—5-шайл.) депутаты. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

ТЕШЕЕВ Сайдулла (1925-ж. т., Ош обл., Фрунзе р-ну, Охна кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1960). 1961-жыл-



С. Тешеев.

дан КПСС мүчөсү. Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. 1950-жылдан Кадамжайдагы металлургия з-дында эритүүчү болуп иштейт. Өндүрүштүн жог. мад-тын, технол. процесстн терең билүү м-н өндүрүштө зор нйгиликтерге жетишкен. «Коммунисттик эмгектин ударниги» наамы үчүн мелдешти уюштуруунун демилгечиси. 1958-ж. «Коммунисттик эмгектин ударниги» наамы ыйгарылган. СССР Жог. Советинин (7—8-шайл.) депутаты. Кырг-н КП БКнын мүчөсү (1966), Кыргыз ССР Жог. Советинин (6-шайл.) депутаты. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ТЕШИК КАЛАА — 7—8-к-дагы чарбак-чептин чалдыбары. Бүркүт-Калаа оазисинин (Кара Калпак АССРи, Торткүл р-ну) аймагында. 1938—39-ж. С. П. *Толстов* жетектеген Хорезм арх-ялык экспедициясы изилдеген. Т. К.— О. Азиядагы эрте феод.-арх-ралык эстеликтердин бири. Бекем дубал м-н курчалган төрт бурчтуу кең короодон турат. Ортосунда көп бөлмөлүү күмбөз бар. Дубалдар м-н күмбөздүн аралыгында чарб. курулуштар ж-а турак жайлар салынган. Т. К-дан кездеменин калдыктары, чопо идиштер, тыйындар табылган. Анда жашагандар дыйканчылык кылып, мал багышкан.

ТЕШИК-КӨЛ—Нарын обл-ндагы Кочкор р-нунун аймагында, Тескей Ала-Тоосу м-н Керүү-Кара-Каман тоосунун ортосундагы кайыдан орун алган бийиктеги көл. Үч бурчтук формасында. Аянты 0,65 *км*², уз. 1,25 *км*, орт. туурасы 0,55 *км*дей. Деңиз деңг. 3505 *м* бийикте жайгашкан. Октябрда тоңуп, апрелде ачылат. Көлдөн Кашка-Суу суусу агып чыгат.

ТЕШИК-ТАШ — Байсунтоо тоосундагы (Өзбек ССРи, Сурхан-Дарыя обл.) үңкүр. 1938—39-ж. сов. археолог А. П. *Окладников* арх-ялык казуу жүргүзүп, мүстье мад-тына таандык турак жайды ж-а 8—9 жашар неандерталь баланын сөөгүн тапкан. Т.-Т-тын маданий катмарларынан тоо теке, жапайы жылкы, аюу, эликтин сөөк-төрү ж-а көптөгөн таш куралдар табылган. Т.-Т-та жашагандар негизинен аңчылык м-н кесин кылган.



Тешик-Таш үңкүрүнөн табылган неандерталь бала. М. М. Герасимовдун реконструкциясы.

Ад.: Тешик-Таш, Палеолитический человек. Сб. ст., М., 1946; Рогинский Я. Я., Внеевропейские палеантропы, в сб.: Ископаемые гоминиды и происхождение человека, М., 1966.

ТЕШКЕН ТОО, к. *Тоннель*.

ТИБЕРИЙ Клавдий Нерон (б. з. ч. 42—б. з. 37) — рим императору (14—37). *Августтун* асыранды баласы. 14-жылга чейин мамл. маанилүү кызматтарды ээлеп, Августун согуш кампанияларына катышкан. Ал ад-тта шекчил, ишенбес ж-а эки жүздүү деп мүнөздөлөт. Т. алгачкы жылдары өлкөнү сенат м-н бирге башкарып, кийин автократиялык саясат жүргүзгөн. Провинциялардагы салык системасын жөнгө салуу үчүн бир топ иш-чараларды жүзөгө ашырган.

ТИБЕСТИ — Борб. Сахарадагы тайпак тоо, Чад респ-касында. Бийикт. 3415 *м*ге чейин (Эми-Куси жанар тоосу). Негизинен гранит, кристаллдык сланец, базальт, кумдук тоо тектеринен түзүлгөн. Терең капчыгайлар м-н тилмеленген. Жылдык жаан-чачыны 100 *мм*дей. Этегин бойлой, өрөөндөрдө (1200 *м* бийикке чейин) курма, акация ж. б., 1600—1800 *м* бийикте шыбак ж-а дан чөптөр, андан жогору тоолуу-жарым чөл өсүмдүктөрү өсөт.

ТИБЕТ АВТОНОМИЯ РАЙОНУ, Тибет (кытайча Сицзан) Кытайдын түш.-батышында, *Тибет тайпак тоосунун* аймагында. Аянты 1221 миң *км*². Калкы 1,6 млн (1975), көбү *тибеттиктер*. Админ. борбору — Лхаса ш.

Экономикасынын башкы тармагы — а. ч., анын дүң продукциясынын 60%тен ашыгын дыйканчылык түзөт. Дарыя өрөөндөрүндө ж-а тоо капталдарында арпа, сулу, кара күрүч, буурчак, түш.-чыгышында буудай, шалы эгилет. Топоз, кой, эчки, жылкы, качыр багылат. Негизги мал чарба продукциясы — жүн. Дыйканчылык чарбаларында чочко, үй багылат. Райондун аймагынан таш көмүр, туз, алтын казылып алынат. Жергиликтүү ө. ж-лары: энергетика жабдууларын чыгаруу, чоюн куюу, булгаары иштетүү, килем токуу ж. б. Тактай тилүү, кирпич, фармацевтика ж-а текстиль ө. ж. ишканалары иштейт. Т. а. р. 1965-ж. түзүлгөн.

ТИБЕТ ТАЙПАК ТООСУ Борб. Азияда, негизинен Кытайда. Аянты 2 млн *км*²дей, орт. бийикт. 4—5 миң *м*. Батышынан Каракорум, түндүгүнөн Куньлунь, чыгышынан Сина-Тибет тоолору, түштүгүнөн Гималай м-н чектешет. Бийикт. 6—7 миң *м*ге жеткен кырка тоолор басымдуу; тоо аралык өрөөндөр, терең дарыя капчыгайлары да кездешет. Негизинен кумдук, сланец, кварц, аки таш тегинен турат; гранит ж-а гнейс да кеңири таралган. Т. т. т-нун жашы түндүгү герцинге, ортоңку бөлүгү мезозойго, түштүгү алып бүктөлүүсүнө туура келет. Алып тоо пайда болуу доорунда күчтүү көтөрүлүү болуп өткөн. Кен байлыгы: алтын, таш көмүр, темир, түстүү металлдар ж. б. Климаты катаал; январдын орт. темп-расы түштүгүндө 0°, —2°С, түндүгүндө —20°... —32°С; июлдуку 15°Сден 5°Сге чейин. Жылдык жаан-чачыны түштүгүндө 500—700 *мм*, түндүгүндө 50—100 *мм*. Кар чеги 5500—6000 *м* бийикте жатат. Т. т. т-нан кар ж-а мөңгү сууларынан куралган Хуанхэ, Янцзы, Меконг, Салуин, Брахмапутра (Цангпо) д-лары башталат. Тектоникалык майда көл көп. Бийик тоолуу талаа ж-а чөл топурагы (гумуска жарды) кеңири таралган. Бийик тоолуу чөл ж-а жарым чөл өсүмдүктөрү басымдуу;



Сина-Тибет тоолорундагы Гунгашань чокусу. Чыгыш Тибет.

түш. Тибетте талаа өсүмдүктөрү кездешет. Түш.-чыгышындагы өрөөндөрдө ийне жалбырактуу токой өсөт.

ТИБЕТТИКТЕР (өздөрүн пёба дешет) — эл, Тибеттин жерг. калкы. Негизинен Кытайда, о. эле Индия, Непал, Бутанда жашашат. Жалпы саны 4,5 млн (1975). Т. тибет тилинин диалектилеринде сүйлөшөт. Негизги дини — ламаизм. 20-к-дын ортосунда Тдин чакан ө. ж. ишканалары пайда болгон. 20-к-дын 60-жылдарынын башында Т. феодалдар (5%) м-н крепостной дыйкандарга бөлүнгөн. Алар дыйканчылык, мал чарбачылык м-н кесин кылышат. Көл өнөрчүлүк да өнүккөн.

ТИБЕТ ТИЛИ — *тибеттиктердин* тили. Тибет автономия р-нуна ж-а КЭРдин айрым башка райондоруна, о. эле Индия, Непал, Бутанга тараган. Т. т-нде сүйлөгөндөр 4,5 млн-дой (1974). Кытай-тибет тилдеринин тибет-бирма бутагына кирет. Диалектилери эски (амдо, дэгэ) ж-а эскирбеген (лхаса, шигацзе) деп бөлүнөт. Алгачкы жазма эстеликтери 7—10-к-га таандык. Алфавити (инди жазуусу) деванагаринин негизинде түзүлгөн.


Ад.: Рерих Ю. Н., Тибетский язык, М., 1961; Парфионович Ю. М., Тибетский письменный язык, М., 1970; Краткий тибетско-русский словарь, М., 1963.

ТИБР — Италиядагы дарыя. Уз. 405 *км*, алабынын аянты 16,5 миң *км*². Тоскана-Эмилия тоосунун түш. капталынан башталат. Тиррен деңизине куярда дельта (аянты 250 *км*²) пайда кылат. Жамгыр сууларынан куралат. Ноябрдан апрелге чейин жылдык орт. чыгымы 260 *м*³/*сек*. Т-дин алабында ГЭСтер курулган. Сугатка пайдаланылат. Римге чейин кеме жүрөт.

ТИГР — Түркия м-н Ирактагы дарыя. Уз. 1900 *км*, алабынын аянты 375 миң *км*². Түркиянын чыгышындагы Чыгыш Тавр тоосунан башталат. Ортоңку ж-а төмөнкү агымдарында Месопотамия ойдуңу м-н агат. Эль-Курна ш-на жакын (Ирак) Евфрат д. м-н кошулуп, Перс булуңуна куюучу Шатт-эль-Араб д-н түзөт. Негизги куймалары — Чоң ж-а Кичи Заб, Дияла, Керхе. Кар, жамгыр сууларынан куралат. Т-де сов. адистердин жардамы м-н (1976) Тартар — Евфрат каналы курулган. Суунун орт. чыгымы Багдадда 1240 *м*³/*сек* (эң чоңу 13 000 *м*³/*сек*). Багдадга чейин дайыма, суу киргенде Мосул ш-на чейин кеме жүрөт. Боюнда Диярбакыр (Түркия), Мосул, Багдад, Эль-Кут, Амара (Ирак) ш-лары жайгашкан.

ТИГРАН II Улуу — Арменияның б. з. ч. 95—56-жылдагы падышасы. Т. II алгач Софен, Атропатенди, Мидиянын батыш бөлүгүн каратқан. Кавказ Албаниясы ж-а Ибериянын падышалары Т. IIге көз каранды болушкан. Понтий падышасы Митридат VI м-н аскердик-саясий союз түзүп, Селевкилердин Сириядагы ээлигин кошуп алган. Б. з. ч. 69-ж. Т. IIнин аскери Тигранакерттин жанында рим кол башчысы Лукуллдан талкаланган. 66-ж. Т. II. Римдин вассалы болуп, «Рим элинин досу жана союздашы» деген титул алган. Ээлиги Арменияның жери м-н гана чектелген.

ТИГҮҮ МАШИНАСЫ — тигилүүчү буюмдардын айрым бөлүктөрүн бириктирип тигүүчү ж-а жасалгалоочу машина. Т. м. жеңил ө. ж-нын кийим тигүү, сокмо буюмдар, бут кийим тигүү ж. б. тармактарында, о. эле үй тиричилигинде колдонулат. Т. м. 18-к-дын 2-жарымында пайда болгон. 1814-ж. Мадерспергер үчү коддуу ийнени ойлоп чыгарган. 1846-ж. АКШда Э. Хоу чолмоктуу машинаны түзгөн.



Тигүү машинасынын схемасы: *1* — ийне; *2* — башкы вал; *3* — каптооч; *4* — маховик; *5* — платформа; *6* — үстүнкү жипти тартып жөндөгүч; *7* — чолмок; *8* — рейка.

Аткарган иши б-ча Т. м. тигүүчү, жөрмөп тигүүчү, топчу кадоочу ж. б. болуп бөлүнөт. Анын универсал ж-а атайылаштырылган түрлөрү да бар. Тигиштеги жиптин айкалышына жараша Т. м. чолмоктуу тигүүчү ж-а тизмектүү тигүүчү болот. Чолмоктуу тигүүчү бир ийнелүү универсал Т. м. кеңири таралган. Ал ийне, жип тарткыч, чолмок ж-а көздеме жылдыргыч механизмдерден турат. Т. м-на алмаштырылма кошумча жабдууларды орноткондо сайма саюуга, бүчүлүк тордоого болот.

ТИГҮҮ ӨНДҮРҮШҮ — кийим тигүүчү өндүрүш. Кийимди тигүүгө чейин кийимдин модели түзүлөт. Моделдөөдө гигиеналык, эстетикалык ж-а тех. талаптар, о. эле көп санда тигүүнүн өзгөчөлүктөрү эске алынат. СССРде моделдөө моделдер үйүндө, ири шаарларда — тигүү ф-касынын конструкторлор лабор-ясында аткарылат. Моделдөө үчүн анын бардык бөлүктөрүнүн чиймеси, өзгөчөлүктөрү көрсөтүлгөн тех. сүрөттөлүшү, иштетүү методу, керектүү материалдар ж. б. көрсөтүлөт. Т. ө. кездемени бычуудан башталат. Бычуудан мурда артикулу, өңү (түсү), сүрөтү, эни ж. б. б-ча сортко бөлүнөт. Т. ө-ндө тигүү машиналары ж. б. жабдуулар колдонулат.

Ад.: Технология швейного производства, под ред. С. И. Русакова, М., 1953.

ТИГҮҮ ӨНӨР ЖАЙЫ — түрдүү кездеме, трикотаж, жасалма ж-а нак тери м-н мехтен, жаңы ж-а түрдүү жасалга материалдардан, фурнитурадан кийим ж. б. тиричилик, тех. тигилме буюм чыгаруучу жеңил ө. ж. тармагы. СССРде Т. ө. ж.— эл чарбасынын калк керектөөчү товарларды чыгаруу б-ча эң ири индустриялуу тармагы.

Рев-яга чейин Россияда кийимди көл өнөрчүлөр, майда товар өндүрүүчүлөр чыгарып, кийим тигүүчү фабрикалар болгон эмес. Улуу Октябрь рев-ясынан кийин Т. ө. ж. тез өсүп, атайын кийим тигүүчү машиналар м-н жабдылды. Т. ө. ж-нын ири ишканалары 1951—55-ж. Хабаровск, Комсомольск-на-Амуре, Ангарск, Ашхабад, Караганды ж. б. шаарларда курулду. Жаңы машиналар, жарым автоматтар, пресстер өндүрүшкө киргизилди. Эмгек өндүрүмдүүлүгү жогорулады. 1971—75-жылдары Мамл. сапат белгиси м-н чыгарылган кийим 6,5 эсе көбөйүп, мындан сырткары 16,5 млн даана жарашыктуу (модалуу) кийим тигилген. Өлкөдөгү алдыңкы Т. ө. ж. ишканаларына Клара Цеткин атн. тажрыйба-тех., ВЛКСМдин 40 жылдыгы атн. Тирасполь кийим тигүү фабрикалары, «Большевичка», «Салют», «Москва», «Весна» ж. б. өндүрүш бирикмелери кирет.

Кырг-нда Т. ө. ж. совет бийлиги түшүндө гана өнүктү. Респ-када «Октябрдын 40 жылдыгы», ВЛКСМ, 1-Май атн. ж. б. кийим тигүү фабрикалары бар. Алардын продукциясы чет мамлекеттерге да жөнөтүлүүдө. Т. ө. ж. ГДР, ЧССРде мыкты өнүккөн. Капит. өлкөлөрдөн АКШ, Италия, Франция, Японияда алдыңкы орунда.

Ад.: Попков В. И., Сергиев В. П., Организация производства на швейном предприятии, 2 изд., М., 1960; Беталиев С., Пятилетка качества и эффективности, Фр., 1977.

«ТИЕСА» («Tiesa» — «Правда») — респ-калык газета, Литва КП БКнын, Литва ССР Жог. Советинин Президиумунун ж-а Мин. Советинин органы. 1917-ж. 30-мартта (12-апр.) Петроградда литвалык большевиктер уюмунун, 1918-ж. РКП(б) Литва секциясынын борб. бюросунун органы катары Москвада, Литвада, совет бийлиги жеңген соң 1919-ж. Вильнюста чыккан. Литвадагы бурж. диктатура мезгилинде «Т.» Каунас ш-нда жашырын басылган. Улуу Ата Мек. согуш (1941—45) жылдары Москвада, 1944-жылдын августунан «Т.» литва тилинде Вильнюста жумасына 6 жолу чыгат. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган (1967). Тиражы 260 миң (1977).

ТИЕШЕЛҮҮЛҮК — предметтин (сандын) кандайдыр бир көптүккө таандыгы (тиешелүү экендиги). Белгилениши $\in$. $a \in A$ деген жазуу A көптүгүнүн элементи a экендигин түшүндүрөт. Мис., $4 \in \{1, 2, 3, 4, 5\}$ бул 4 саны үшул көптүктүн элементи экендигин билдирет. Т. математикада кеңири колдонулат.

ТИЗГИН — жүгөндүн негизги бөлүгү, көбүнчө мингич унааны (ат, эшек) ийкемдүү башкаруу үчүн колдонулуучу шайман. Т. ийленген кайыштан эни 1,5—2 *см*дей, жалпы уз. 220—250 *см*дей тилинип, учтары ооздуктун эки жагындагы тогоолорго жумурулынып бекитилет.

ТИПИНДИ — a саны $b (b \neq 0)$ санына болгондон чыккан c саны. Ал $a : b = c$ же $a/b = c$ деп жазылат, a бөлүнүүчү, b бөлүүчү, c Т. деп аталат.

ТИК БУРЧТУК — бардык бурчтары тик төрт бурчтук. Анын карама-каршы жактары барабар ж-а параллель. Т. б-тун аянты узуну м-н туурасынын көбөйтүндүсүнө барабар. Т. б. параллелограммдын бир түрү.

ТИКЕН өсүмдүктөрдө — метаморфоздун натыйжасында сабак, жалбырак, тамырдан чыккан учтуу, катуу өсүндү. Т. жалбыректан (борү карагат, цитрустар ж. б.), жалбырак тарамышынан (тоо күйрук ж-а астрогалдын жалбыректары) же жан жалбыректан (акация ж. б.) пайда болот. Кээде Т. түрү өзгөрүлгөн өркүн болушу (долоно, гледичин, жапайы алма, алмурут) мүмкүн. Т. көбүнчө кысык, кургак жерде өскөн өсүмдүктөрдө кездешет. Т-дин биол. мааниси бар (өсүмдүктү жаныбарлардан коргойт, о. эле *транспирация* бетин азайтат).

ТИКЕН БАШТУУЛАР (Acanthocephala) — мите курттар классы. Алар омурткалуулардын ичегисинде жашайт. Денеси созулунку, уз. 1—65 *см*. Түмшугунда тикендери бар, аны м-н эсинин ичеги капталына жабышат. Т. б-дын ичегиси жок, бут денеси м-н алыктанат. Бөлүп чыгаруу органы жеңекей канал (протонефридий) тибинде. Нерв системасы мээ түйүнүнөн ж-а ачан тараган нервдерден турат. Т. б. айрым жыныстуу. Өөрчүшү *метаморфоз* ж-а эсин алмаштыруу м-н өтөт. Аралык эсн — рак сымалдар ж-а курт-кумурскалар.

Т. б. көп жуккан балык, куш ж-а сүт эмүүчүлөр өлүмгө дуушар болот, кээде кишиге да жугат.

ТИКЕ САРП КОЭФФИЦИЕНТИ (*эмгек куралдары үчүн*) — продукция бирдигин өндүрүүгө сарпталган сырьёнун, материалдын, отундун ж-а энергиянын тармак б-ча көрсөткүчү. Т. с. к. коомдук продуктуну өндүрүүдө эл чарбасында пайда болгон тармак аралык өндүрүш байланышын мүнөздөп, отчёттук ж-а пландуу болуп бөлүнөт. Отчёттук Т. с. к. өндүрүштүн тармак аралык отчёт балансынын негизинде эсептелип, бир продуктунун бирдигин өндүрүү үчүн башка продуктулардын салыштырма (орт.) чыгымын көрсөтөт. Пландуу Т. с. к. бир продуктунун бирдигин өндүрүү үчүн башка продуктуларды сарптоо нормативин туюнтуп, натуралай ж-а нарктата туюнтма м-н эсептелет да, коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун чагылдырат.

ТИКМЕЧИ — бычылган кийим-кече, үй буюмдарын, ат жабдыктарын ж. б-ны тиге билген адам, к. *Бычмачы*.

ТИКОЦКИЙ Евгений Карлович [14 (26). 12. 1893, Петербург—23. 11. 1970, Минск] — сов. композитор. СССР эл арт. (1955). 1948-жылдан КПСС мүчөсү. Петроград ун-тинде (1914—15), о. эле мезгилде З. Бонч-Бруевичтин менчик муз. окуу жайында окуган. 1920-жылдан Белоруссияда жашаган. Белорус комп. союзунун пред-ли (1950—63). Белоруссиядагы алгачкы проф. композиторлордун бири. Т. «Михась Подгорный» (1939), «Алеся» (1944, БССР мамл. сыйл., 1968), «Анна Громова» (1970) операларын, «Бороон кабарчысы жөнүндө ыр» баатырдык поэмасын (1944), 6 симфония (1927—63), «50 жыл» аттуу симф. поэма (1966), тромбон (1934) ж-а фортепиано (1954) үчүн концерттер, хор, ыр, драма спектакльдерге ж-а фильмдерге музыка жазган. БССР Жог. Советинде (4—5-шайл.) депутат. Ленин ордени, башка 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Гусин И. Л., Евгений Карлович Тикоцкий. М.—Л. 1965.

ТИКСИ БУХТАСЫ Лаптевдер деңизинде. Лена чатынын чыгышында. Уз. 21 *км*, кептешинин туурасы 17 *км*. Суткасына 2 жолу ташкындайт; бийикт. 0,3 *м*. Октябрдан августка чейин тоңот. Түн. деңиз жолундагы жүктү которуштуруп жүктөө үчүн өте ыңгайлуу жай. Батыш жээгинде Тикси порту бар.

ТИКСОТРОПИЯ (гр. thixis—тийүү, trope — өзгөрүү, бурулуу) — дисперсиялык системалардын мех. таасирден бузулган алгачкы структурасын өзүнөн өзү кайра калыбына келтирүү жөндөмдүүлүгү. Мис., *гелдер, суспензиялар* ж. б. системаларды катуу чайкаганда суюлуп, кайра тынч койгондо коюланып (катуулашып), баштапкы абалына келет. Т.— кайталанма процесс. Практикада мзанеси чоң. Т-лык материалдар силикаттын, пластмасса-

ж-а диалектология эки секторго бөлүнүп, баштагы ад-т секторунун базасында үч сектор («Манас», Окт. рев-ясына чейинки ад-т ж-а совет ад-ты) түзүлгөн. Азыр ин-ттун составында чет тилдер кафедрасы, 11 сектор ж-а эксперименттик лингв. лаб-ясы бар (1978). Секторлор: совет ад-ты; ад-ттардын байланышы; фольклор ж-а ырчылар поэзиясы; «Манас»; кол жазма ж-а жарыялоо; азыркы кыргыз тили; диалектология ж-а кыргыз тил тарыхы; лексикология ж-а лексикография; түркология; терминология; орус тили. Ин-тта 60тан ашуун илимпоз эмгектенет, анын экөө илимд. доктору, 36сы — филол. илимд. кандидаты (1977). Ин-т кыргыз тили м-н ад-тынын онугуу, калыптануу закон ченемдерин, алардын башка тилдер ж-а ад-ттар м-н байланышын, элдик оозеки чыг-ларды изилдейт. Ин-ттагы кол жазма ж-а жарыялоо секторунда 50 жылдан ашык убакыттан бери жыйналган эл чыг-лары сакталуу. Алардын ичинде жалаң «Манас» эпосунун 40ка жакын варианты бар.

Ин-ттун директорлору: 1943—44-ж. А. *Токомбаев*, 1944—47-ж. С. *Ильясов*, 1947—49-ж. К. Сооронбаев, 1949—50-ж. А. *Алтымышбаев*. 1950—51-ж. Б. *Жамгырчинов*. 1951—54-ж. А. Доолоткелдиев, 1954—59-ж. И. А. Батманов, 1959—62-ж. Б. *Орузбаева*, 1962—78-ж. А. Турсупов, 1979-жылдан А. *Садыков*.

Ад.: Каракеев К., Академия наук Киргизской ССР, Фр., 1974.

ТИЛАК Балгангадхар (23. 7. 1856, Махараштра, Ратнагири — 1. 8. 1920, Бомбей) — Индия улуттук-бошт. кыймылынын ишмери, окумуштуу. Улуту маратх. Билими б-ча юрист. 1881-ж. маратх тилинде «Кесари» («Арстан») газетасын чыгарган. Т. англ. колон. аэүүгө каршы ж-а Индиянын өз алдынча экон. онугуу үчүн күрөшкөн. 19-к-дын 90-жылдарынан Индия улуттук конгрессинин (ИУК) сол тарабын — «экстремисттерди» жетектеген. 1905—08-ж. Индияда улуттук-бошт. кыймыл жогорулаганда Т. элге «орустардын күрөшүү методун» — жалпы саясий иш таштоого чыгууну пропагандалаган. 1908-ж. Т. антиимпер. иштери үчүн 6 жылга сүргүнгө айдалганда Бомбей эмгекчилери буга каршы саясий иш таштоого чыгышкан. 1917-жылдагы Окт. рев-ясынын таасири м-н Индия пролетариатын саясий бийлик үчүн күрөшүүгө үндөгөн. Өзүнүн газетасында Окт. рев-ясын куттуктаган. Т.— бир нече ил. эмгектин автору.

ТИЛДЕРДИН ГЕНЕАЛОГИЯЛЫК КЛАССИФИКАЦИЯСЫ, *тил текештиги* — тилдер материалдык негизинин окшоштугуна (чыгыш тегине) карата өз ара топторго бөлүштүрүлүү тарыхый пландагы классификация. Мунун теориялык негиздери *салыштырма-тарыхый методдун* базасында өнүгүп чыккан.

Текеш тилдердин тобу чыгыш тегин б-ча өз ара жалпылыгы бар бир нече тилди өз кучагына алат. Тарыхый жагынан ал тилдердин түпкү теги бир тилдик негизге барып такалат. Бир тилдик негиз (озунчо тил же диалекти) ар кандай тарыхый шарттарга байланыштуу бир канча майда болукко ажырап, акырындык м-н текеш тилдерди пайда кылат. Ал болуктөр бара-бара өз алдынча тил болуп калыптанганы м-н теги бир экенин күбөлөөчу негизги белгилерин сактап кала берет. Ушул белгилерине карата Т. г. к. дүйнө тилдерин инди-европа, семит-хамит, ибер-кавказ, угор-фин, тунгус-манжур, түрк, монгол сыяктуу топторго ажыратат.

Ад.: Иванов В. В., Генеалогическая классификация языков и понятие языкового родства. М., 1954; Шарадзенидзе Т. С., Классификация языков и их принципы. Тб., 1955; Языки народов СССР, т. 1—5, М.—Л., 1966—68.

ТИЛДЕРДИН ДИФФЕРЕНЦИАЦИЯСЫ, *тилдердин жиктелүүсү* — текеш тилдердин өнүгүп өзгөчөлүктөрүнө мүнөздүү эң негизги процесстердин бири. Багыты б-ча *тилдердин интеграциясына* карамакаршы процесс. Бул негизинен коомдук факторлорго байланыштуу пайда болот. Бир тилде сүйлөгөн элдин (уруунун) мурдагы саясий, экон. ж-а маданий бирдиктүүлүгүн жогото башташ отол элди (урууну) тейлеп келген бир тилдин ордуна өзүнчө жаңы өзгөчөлүктөрү, жаңы тилдик белгилери бар бир нече тилди пайда кылат. Маселен. 13—14-к-да түрдүү саясий, экон. себептерден улам байыркы орус мамлекетинин бытырап болуңшу байыркы орус тилин ушул сыяктуу дифференциациялык процесске дуушар кылган. Натыйжада андан азыркы орус, украин ж-а белорус тилдери болуңуп чыккан. Азыркы текеш тилдердин көпчүлүгү ушундай процесстин негизинде пайда болгондугу ил. аныкталды.

ТИЛДЕРДИН ИНТЕГРАЦИЯСЫ, *тилдердин бириүүсү* — *тилдердин дифференциациясына* карама-каршы процесс. Бул процесстин натыйжасында ар башка тилде (диалектиде) сүйлөп жүргөн тил коллективдери кийин бир тилде сүйлөй баштайт, б. а. бир тилге бириген. Т. и. эки түрдүү болушу мүмкүн: 1) кээ бир элдер (уруулар) же алардын айрым топтору башка бир калкка аралашып, сиңип кетет да, бара-бара өз тилин колдонбой, отол калктын тилинде сүйлөп калат. Буга Байыркы Русь мамлекетинде жашаган «торк», «берендей» деген ат м-н белгилүү көчмөн түрк уруулардын ж-а айрым славян эмес элдердин өз тилин толук унутуп, славяндашып кетишин же болбосо О. Азия м-н Каз-нда жашаган түрк элдеринин этнос составына кошулган монгол, иран ж. б. ургу топторунун түркөшүп, отол элдердин тилдеринде сүйлөп калышы; 2) айрым тилдердин бири бирине кошулуп, биригип кетишинен алардын (кошулган тилдердин) эч бирөөнө окшобогон өзгөчөлүктүү жаңы тил пайда болушу мүмкүн. Маселен, азыркы англис тили байыркы герман (англо-сакс) диалектилери м-н норман баскынчыларынын тушундагы француз тилинин мына ушундай интеграциясынан келип чыккан. Т. и.— көбүнчө текеш тилдердин ж-а алардын диалектилеринин арасында болуучу процесстерден.

ТИЛДЕРДИН МОРФОЛОГИЯЛЫК КЛАССИФИКАЦИЯСЫ, к. *Тилдердин типологиялык классификациясы*.

ТИЛДЕРДИН ТИПОЛОГИЯЛЫК КЛАССИФИКАЦИЯСЫ — тилдердин текештик же аймактык жакындыгына карабастан, түзүлүш касиеттерине, морфол. өзгөчөлүктөрүнө ылайык топтоштурулушу. Т. т. к. бүткүл дүйнө тилдеринин материалын камтууга, алардын окшоштугун, айырмачылыгын чагылдырууга умтулат, ошону м-н бирге мүмкүн болгон тил типтерин ж-а ар бир тилдин же типологиялык жактан окшош тилдердин өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтөт. Азыр Т. т. к. морфологиянын гана эмес, фонологиянын, синтаксистик семантиканын материалдарына да таянып, тилдерди төмөнкүдөй топтоштурат: *обочолонмо* (*аморфтук*) *тип* — сөздөрдүн уңгуга окшош элементтерден турушу. Булардын грамм. мааниси сүйлөмдөгү алган ордуна ж-а интонацияга ылайык өзгөрө берет (мис., байыркы кытай, вьетнам тили); *агглютинациялама тип* — сөздүн уңгусуна белгилүү бир мааниде мүчөлөрдүн тизмектешип жалгануу м-н өзгөрүшү (мис., түрк, угор-фин тилдери); *флексиялама тип* — ички ж-а сырткы флексия кубулуштарынын болушу (мис., инди-европа, семит тилдери). Айрым тилчилер *инкорпорациялама* (полисинтетикалык) тилдерди да өзүнчө тип катары көрсөтүшөт.

Ад.: Сепир Э., Язык, пер. с англ., М., 1934; Кузнецов П. С., Морфологическая классификация языков, М., 1954; Новое в лингвистике, в. 3, М., 1963; Морфологическая типология и проблема классификации языков, М.—Л., 1965; Скаличка В., К вопросу о типологии, «Вопросы языкознания», 1966, № 4; Новое в лингвистике, в. 5, М., 1970; Лингвистическая типология, в кн.: Общее языкознание, т. 2, М., 1972.

ТИЛДИК БЕЛГИ — заттарды, ар кыл кубулуштарды туюнтуу үчүн кызмат кылчу тилдин ар кандай бирдиги (морфема, сөз, сөз айкашы, сүйлөм). Т. б. туюндурулуучу м-н туюндуруучунун ажырагыс биримдигинен турат. Туюндуруучу катары кептеги (речтеги) тыбыштар (фонемалар), туюндурулуучу катары дүйнөдөгү түркүн заттарды, кубулуштарды ж. б. билгизген маанун өсептелет. Демек, ар кандай Т. б. эки тараптуу болот. Тыбыштык форма туюндурулуучу зат, көрүнүш ж. б-лардын касиетине көз каранды келет да, ага ылайык тандалбайт. Ошон үчүн Т. б-нин эки тарабы өз ара эркин, ыктыярдуу байланышат. Анын натыйжасында ар

башка маанилер (полисемия, омонимия) бир эле туюндуруучу аркылуу, анын тескерисинче, бир эле маани ар башка туюндуруучу аркылуу берилүү мүмкүнчүлүгүнө жетишет. Мунун өзү Т. б-нин асимметриялуу экенин көрсөтөт.

Ад.: Соссюр Ф. де, Курс общей лингвистики. Труды по языкознанию. (Русск. пер.), М., 1977; Карцевский С., Об асимметричном дуализме лингвистического знака, в кн.: Звегинцев В. А., История языкознания XIX—XX веков в очерках и извлечениях, ч. 2, М., 1965; Общее языкознание, М., 1970, гл. 2; Материалы к конференции «Язык как знаковая система особого рода», М., 1967.

ТИЛДИК НОРМА — жалпы колдонулуп жүргөн тил каражаттарынын тарыхый калыпташкан жыйындысы, коом конкреттүү тарыхый мезгил үчүн тандап алып, пайдаланууга жарактуу деп тааныган өрөжеси.

Т. н.— тилдин коомго ийкемдүү кызмат өтөшүн ж-а тарыхый улам кийинки мезгилдерге өтүп отурушун камсыз кылып турган маанилүү касиеттеринин бири. Адабий тилдин пайда болуу ж-а калыптануу процессинде түзүлгөн адабий Т. н.— Т. н-нын өзүнчө бир көрүнүшү. Өнүккөн адабий тилдин нормасы тилдин бардык баскычтарын (уровень) өзүнө камтыйт да, салыштырмалуу стабилдүүлүгү, бир түрго келтирилгени (унификацияланганы), функциялык-стилдик жактан жиктелиши м-н мүнөздөлөт. Адабий тилдин нормасы тилдик кандай каражаттар м-н байланыш экенине жараша орфографиялык, орфоэпиялык, лексикалык, грамматик., стилдик нормаларга бөлүнөт. Орфографиялык ж-а граммат. нормалар лексикалык, стилдик нормаларга карагында бир кыйла туруктуу келсе, кийинкилер тил каражаттарын эркинирээк колдонууга жол берет. Мектеп, театр, радио уктуруу, телекөрсөтүү, көркөм ад-т ж. б-лар адабий Т. н-нын калыптанышында чоң роль ойнойт.

Ад.: Щикович В. А., Языковая норма. М., 1968.

ТИЛДИК СИСТЕМА — 1) белгилүү бир тил түзүлүшүнүн (фонологиялык, морфол., синтаксистик ж. б.) өз ара биримдеги ж-а карым-катыштуу бирдиктердин жыйындысы; тил бирдиктеринин тобу, о. эле алардын түзүлүү, өзгөрүү ж-а айкашуу эрежелери. Мында тилдин фонологиялык, морфол., сөз өзгөртүү, синтаксистик, лексикалык, семантикалык системасы, болбосо (тар мааниде) жөндөмө ж-а жак, этиш ж-а атооч, түр ж-а чак д. у. с. системалар ж-дө сөз болот. Тилди адеп система катары караган Ф. де *Соссюр* болгон. Ал кийин В. *Гумбольдт*, И. А. *Бодуэн де Куртенэлер* тарабынан өөрчүтүлгөн.

Т. с. тилдин негизги бирдиктери м-н эрежелерин камтыган система ядросу (чордон, уютку) м-н анын чет-жака кубулуштарына (архаизм, жаргон, диалектизм ж. б.), о. эле граммат. системалардын ядросуна ж-а чет жака көрүнүштөрүнө ажырайт. Тил кээде системалардын системасы катары да каралат. 2) Тил курулушундагы оппозициялардын жыйындысы. Фонологиялык фактылар Т. с-да тилдин дифференциялык белгилери, морфол., синтаксистик, лексика-семантикалык фактылар кыйла татаал *жетаттилдер* аркылуу сыпатталат.

Ад.: Соссюр Ф. де, Курс общей лингвистики. Труды по языкознанию. (Русск. пер.), М., 1977; Ельмслев Л., Язык и речь, в кн.: Звегинцев В. А., История языкознания XIX—XX веков в очерках и извлечениях, 3 изд., ч. 2, М., 1965; Бондарко А. В., Грамматическая категория и контекст, Л., 1971.

ТИЛДИН ОППОЗИЦИЯСЫ — тилди карама-каршы элементтердин системасы катары караган структура-функциялык концепциянын (к. *Структурализм*) негизги түшүнүктөрүнүн бири. Т. о. семнологиялык милдет аткара алчу тилдик эки (же андан көп) окшош бирдиктин айырмасы катары каралат. Мис., кыргыз тилиндеги «б» ж-а «т» фонемаларынын ортосундагы фонологиялык оппозиция мындай: «баш» ж-а «таш» деген сөздөр бири биринен айтылышы жагынан гана эмес, маанеси б-ча да айырмалуу же «жекелик сан» м-н «көптүк сандын» ортосундагы семантикалык оппозиция «китеп» ж-а «китептер» сыяктуу сөздөр мазмун ж-а форма жагынан да айырмаланыудан байкалат.

ТИЛДИН СӨЗДҮК СОСТАВЫ — бир тилдеги бардык сөздөр *(лексика)*. Ал неологизм, диалектилик лексика, жаргон, терминология ж. б-ды да өзүнө камтыйт. Т. с. с-нын көлөмү м-н составы ал тилде сүйлөгөн элдин коомдук, чарб. ж-а маданий турмушунун мүнөзүнө ж-а өнүгүү деңгээлине жараша болот. Т. с. с. дайыма колдонулуучу сөздөр — *активдүү сөздүк запас* (активдүү сөздүк) ж-а чанда же атайын максатта колдонулуучу сөздөр (архаизмдер, неологизмдер, терминология ж. б.) — *пассивдүү сөздүк запас* (пассивдүү сөздүк) болуп бөлүнөт. Булардын чеги туруктуу эмес, тилдин өнүгүү тарыхында алар биринен экинчисине өтүп турат. Коомдун өнүгүшү м-н Т. с. с. тилдин ички мүмкүнчүлүктөрү аркылуу ж-а башка тилдерден кабыл алуунун эсебинен тынымсыз толуктала берет. Кыргыз тилинин сөздүк составында араб, иран ж-а орус тилинен кирген сөздөр арбын. Башка тилден кабыл алынган сөздөр элдердин тарыхый-маданий, экон. байланышын чагылдырат.


Ад.: Ожегов С. И., К вопросу об изменениях словарного состава русского языка в советскую эпоху, «Вопросы языкознания», 1953, № 2; Воровой Л. Я., Путь слова, 2 изд., М., 1963; Якубович Т. Д., Новые слова, М.—Л., 1966; Уфимцева А. А., Слово в лексико-семантической системе языка, М., 1968; Юнусалиев Б. М., Киргизская лексикология, Фр., 1959.

ТИЛЕК, к. *Каалоо*.

«ТИЛ ЖӨНҮНДӨГҮ ЖАҢЫ ОКУУ», яфет теориясы — 20-к-дын 20—30-жылдары тил илимиинин жалпы маселелери б-ча акад. Н. Я. *Марр* сунуш кылган көз караштар системасы. Биринчи жолу «Яфет жана Жер Ортолук деңизинин маданиятын түзүүдөгү үчүнчү этностук элемент» деген эмгегинде (1920) айтылган. Марр анда *салыштырма-тарыхый тил илимин* жетишкендиктерин этибарга албай, инди-европа тил улуусунун теги бир эмес, ал аргындашуу жолу м-н пайда болгон деген ойду айткан. 1923—24-ж. ал коомдук ж-а материалдык мад-ттын өнүгүшүнүн этаптары м-н байланышта тилдин баарына тиешелүү типологиялык өнүгүштүн этаптарын ачуу максатында «кеп (речь) палеонтологиясынын» маселелери б-ча иштеген; 1925-ж. өз системасын тарыхый материализмдин филос. жоболору м-н байланыштырууга аракет кылган. Бирок ал жоболорду Марр вульгардык социологизм духунда түшүнгөн. «Т. ж. ж. о.» термини 1924-ж. биринчи колдонулган (мурда яфет теориясы деп аталган). 1926-ж. «4 элемент» ж-дө идея чыгарылган; ал б-ча бардык тилдин сөз казынасынын негизи оңол «4 элементтен» турмак болот. Ушуну м-н Маррдын бул окуусу салыштырма-тарыхый тил илимин («инди-европеистиканы») идеализмге, формализмге, коомго каршы идеяларга, а тургай расизмге каныккан деп айыптап, андан биротоло кол үзгөн. Кезегинде бул окууну Е. Д. *Поливанов* баш болгон сов. лингвисттердин көбү катуу сындаган.


Маррдын мектебинде анын көз карашын жаңылыш жактары м-н коштуболуктуу көсөмчүл тенденцияга айлантуу аракети басымдуулук кылып, муну м-н ал мектеп лингвистикада «Т. ж. ж. о-ну» жападан жалгыз марксчыл багыт кылмак. Ошондой болсо да Маррдын айрым шакирттери, асыресе И. И. *Мещанинов* «...окуунун» «салттуу» тил илимине жакындатып, өөрчүтө баштаган. Бара-бара «...окуунун» жактагандардын арасында карама-каршылык чыгып, 1949—50-ж. «...окуу» кризис абалына жеткен. 1950-ж. «Правда» газетасында талкуу жүрүп, ага «...окуунун» жактоочулары да, каршылаштары да катышкан. «...окуугa» каршы И. В. Сталин да бир нече макала жарыялаган (к-нде: Марксизм жана тил илиминин маселелери, 1950). Сталиндин макалаларында туура пикирлер м-н катар лингв. жаңылыш пикирлер да орун алган. Ошондой болсо да Сталиндин макалаларынын жарыяланышы м-н «салттуу» лингв. проблематиканын иштелишине жол ачылган. Талкуудан кийин Маррдын «...окуусунда» ил. кылыкчылык туудурган тил ж-а ой, тилдердин типологиясы, социолингвистика сыяктуу маселелерди изилдөө убактылуу токтоп калган. 50-жылдардан алар сов. лингвистика тарабынан кайра ийгиликтүү изилденүүдө.

ТИЛ ИЛИМИ, лингвистика — *тил* ж-дөгү илим. Негизги тармакта-




Токтогул Сатылганов макаласына. 1. Л. Ф. Деймант. «Жаш чакта». 1965. 2. А. С. Чуйков. «Токтогул эл арасында». 1941. 3. Токтогул шакирттери Абдырасул (оңдо) ж-а Жолой (солдо) м-н. Фрунзе ш. 1928. 4. А. Малдыбаев, В. Власов, В. Фере. «Токтогул» операсынан: Токтогул — СССРдин эл арт. А. Мырзабаев. 5. «Токтогул» фильминен кадр (1959, реж. В. Ималаев). Токтогулдун ролунда К. Чодронов. 6. Т. Т. Герцен. «Насыят» аттуу китебине иллюстрация. 1977. 7. В. Г. Капустин. «Эшен-Калпа» аттуу китебине иллюстрация. 1964. 8. Г. А. Айтиев (скульптор), А. Исаев (архитектор) Токтогулдун эстелиги. Коло. Фрунзе ш. 1976. 9. Токтогулдун китептеринин бир тобу. 10. А. И. Мисюров. «Жашагын, кеңеш өкмөт» аттуу китебине иллюстрация. 1976.
















Толстой Л. Н. макаласына. **1.** Ясная Поляна (орустун биринчи репортёру К. Булланын фотографиясы). 1908. **2.** Л. Н. Толстойдун Ясная Полянадагы иш бөлмөсү. **3.** Л. Н. Толстой иш үстүндө. 1909-ж., Ясная Поляна. В. Г. Черковдун фотосу. **4.** Л. Н. Толстой ж-а М. Горький. 1900. Ясная Поляна. С. А. Толстаянын фотосу. **5.** Л. Н. Толстой ж-а. дыгында. 1896-ж. 28-сент. **7.** С. Т. Конёнков. Л. Н. Толстойдун скульптуралык портрети. **8.** И. Репин. Л. Н. Толстойдун окуп жаткан учуру (карандаш м-н тартылган). 1907. **9.** Л. О. Пастернак. Л. Н. Толстойдун «Пейилдин оңолушу» деген китебине иллюстрация. 1899. **10.** Е. Е. Лансере. Хажы-Мурат тоодон түшүп келе жатат. «Хажы-Мурат» повестине иллюстрация. 1913. **11.** «Анна Каренина» фильминен кадр. **12.** Л. Н. Толстойдун кыргызча чыккан китептери. **13.** «Согуш жана тынчтык» фильминен кадр.

ры: *фонетика, морфология, синтагматика, синтаксис, лексикология, стилистика, диалектология.* Т. и. бизди замандан бир нече кылым мурда эле Индия м-н Грецияда онуго баштаган. Индияда көбүнчө грамматика (морфология) м-н фонетика иштелген. Байыркы инди грамматикасын изилдөөдөгү башкы роль Панининге (б. з. ч. 4-к.) таандык.

Т. и. Байыркы Грецияда адегенде практикалык зарылчылыктан улам изилденген. Теориялык жалпылоолорго кийинчерээк (логиканын негиздери иштелип чыкканда) салынган. Системалуу түрдө *Аристотель* тарабынан б. з. ч. 4-к-да иштелип чыккан.

Т. и. Римде грек Т. и-нин таасиринде онуккон. Рим грамматисттеринен Донат (б. з. 4-к.) м-н Присциандын (б. з. 6-к.) грамматикасы өзгөчө маанияе ээ. Маселен, Донаттын грамматикасы Европада о. кылымда латын тилин изилдөөдө колдонулуп, жаңы европ. тилдердин грамматикасын түзүүдө үлгү катары пайдаланылган.

Т. и-не да жаңы идеялар, илимдин башка тармактарындагыдай эле *Кайра жаралуу* доорунда кирген. Бул доордо ж-а андан кийинки мезгилдерде Т. и-н изилдөө үч багытта жүргөн: 1) классикалык тилдер деп аталган латын, айрыкча байыркы грек тили түп нускасы б-ча изилденген; 2) илимпоздор араб, еврей, сирия илимдери, асыресе филологиясы м-н таанышкан; 3) Батыш Европа элдеринин учурдагы тилдерин изилдөө ишке ашырылган.

Бул багыттардагы изилдөө иштеринин патыйжасында ар башка уядагы көп тилден материал чогулуп, тилдерди салыштырып изилдөөгө кадам коюлган. 16—18-к-да тилдердин тектештик маселеси б-ча Г. В. *Лейбниц* тарабынан көп жумуш жасалган. Ушул эле мезгилде логикалык негиздерге таянган универсал категориялуу рационалдуу грамматикалар түзүлгөн: К. Лансло м-н А. Арнонун Пор-Роял грамматикасы (1660) аттуу эмгеги ж. б. Россияда Т. и. 15—16-кдан тартып өөрчүгөн. Орус грамматикасын өөрчүтүүдө башкы роль М. В. *Ломоносовго* таандык. Анын «Орус грамматикасы» (1755) — орус адабий тилинин фонетикалык ж-а морфол. нормасын биринчи жолу системалуу сыпаттап жазган эмгек.

19-к-дын биринчи жарымында *салыштырма-тарыхый тил илими* өөрчүп, изилдөөнүн өзгөчө ыкмалары иштелип чыккан. Бул тармактагы илимпоздор: даниялык Р. Раск (1787—1832), немецтер Ф. Бопп (1791—1867), Я. Гримм (1785—1863), Ф. Диц (1794—1876), орус А. Х. Востоков (1781—1864), чех П. Добровский (1753—1829), словак П. И. Шафарик (1795—1861) ж. б.

19-к-дагы Т. и-нин өөрчүшүнө немец окумуштуусу В. *Гумбольдттун* сиңирген эмгеги чоң. Ал тилдин өөрчүшүнүн жалпы теориясын иштеп чыгып, тилди адамдын чыг-лык ишинин маңызы катары аныктаган. Т. и-идеги жаңы грамматиктер мектебинен башка кийинки багыттардын баары аздыр-көптүр Гумбольдттун лингв. системасынын таасиринде өөрчүгөн.

Т. и-н психол. негизден изилдөө тажрыйбасын 19-к-дын 50-жылдары немец окумуштуусу Г. Штейнталь баштаган. Ал эмгектеринде улуттаны И. Гербарттын психол. системасына таянып, речь иш-аракетинин механизмин индивидуумдун психол. абалын анализдөө аркылуу ачып көрсөтүүгө аракеттенген. Бул кылымда Т. и-иде биологизм (натурализм) багыты пайда болуп, анын өкүлдөрү Ф. Боптун тилди организм ж-дөгү окуу катары караганына таянышып, филология — тарых илиминин бир тармагы, ал эми Т. и. табият илимдеринен деп кеткен. Бул натурализттик көз караштын мисалы Т. и-нин айрым багыттары азыр да кеңири пайдаланууда.

19-к-дын 70-жылдары Лейпциг лингвисттер ийриминен «жаңы грамматикалык мектеп» багыты өсүп чыккан. Ал индивидуализттик психологизмди пуска тутуп, Т. и-нин жападан жалгыз гана объектиси бар, ал — индивиддин речтик иш-аракети, ошон үчүн жалпы тил—шарттуу перее ж-а өзүнчө бир нл. фикция деген көз карашты таңуулаган. Жаңы грамматиктер ушул сыяктуу бир жактуу көз карашты карманышса да, негеч ар башка уядагы тилдердин диалектилерин, фонет. түзүлүшүн дыкаттык м-н сыпаттап жазып чыгышып, эксперимент фонетиканын, диалектографиянын түзүлүшүнө оболго түзүшкөн. 19-к-дын акырында Россияда речтеги тыбыштарды тилдин маанилүү бирдиктерин туюнтууга колдонуу максатында изилдөө жүргүзгөн багыт жаралган. Анын теориясы б-ча (негизчилери — И. А. *Бодуэн де Куртенэ*, Н. В. Крушевский) жеке бир тилде түрдүү тыбыш канчалык көп болсо да, алардан белгилүү сандагы негизги тыбыштар (кийин алар фонема деп аталды) гана болунуп алынат. Ушул эле мезгилде Ф. Ф. Фортунатов башында турган дагы бир багыт пайда болуп, сөз формасы ж-дөгү окууну өөрчүткөн. 19-к-дын аягы — 20-к-дын башында Т. и-нде «социологиялык мектеп» аталган жаңы багыт түзүлгөн. Ага Женева ж-а француз мектептери кирген. Женева мектебинин өкүлдөрү: Ф. де *Соссюр*, Ш. Балли (1865—1947), Ш. Сеше, француз мектебинин: А. Мейе, Ж. Вандриес, Р. Готьо ж. б. Социологиялык мектептин теориясы б-ча тил — индивидуалдык эмес, социалдык көрүнүш.

Т. и-нде 20-к-да да бир нече багыт пайда болду. Алар: эстетикалык мектеп (негизги өкүлү — К. Фослер), италян неолингвисттер мектеби (М. Бартоли, Ж. Бонфанте, В. Пизани ж. б.), Прага лингв. ийрими (В. Матезиус, Б. Трика, Н. С. Трубецкой, Р. Я. Якобсон ж. б.), Копенгаген структуралисттер мектеби (В. Брёндаль, Л. Ельмслев ж. б.) ж-а амер. Т. и-идеги дескриптивдик лингвистика ж. б. багыттар.

СССРде Т. и. 20—30-жылдары ылдам онуккон. Буга СССР элдеринин тилдеринин жазмалары, грамматикалары иштелип чыгышы (Л. И. Жирков, Е. Д. *Поливанов*, Н. Ф. Яковлевдердин эмгектери), грамматиканын принциптеринин (А. Н. Пешковский, М. Н. Петерсон ж. б-лардын эмгектери), көркөм ад-т тилинин (В. В. *Виноградов*, Б. В. Томашевский, Ю. Н. Тынянов, Л. П. Якубинский ж. б-лардын иштери) ж-а тилдин коомдук функциясынын изилдениши оболго болгон. Андан кийинки жылдары Н. Я. *Маррдын* тил ж-дөгү «жаңы окуусунун» кеңири жайылып кеткенине байланыштуу СССРде Т. и. жакшы онуго алган эмес. Ал окуунун негизсиз экени 1950-жылкы ж-а андан мурунку лингв. талаш-тартыштарда аныкталгандан кийин Т. и. СССРде кайрадан ылдам темпте өөрчүй баштады: салыштырма-тарыхый Т. и., фонетика, орус тилинин ж-а СССР элдеринин тилдеринин грамматикасы б-ча кыйла маанилүү эмгектер жарыяланды; Т. и-нин матем. лингвистика, эксперимент фонетика сыяктуу жаңы тармактарында бир топ ийгиликтерге жетишилди. Кыргыз тил илими ж-дө к. *Кыргыз тили.*

Ад.: Веревкин Ф. М., История лингвистических учений, М., 1975; Колухов В. И., Общее языкознание, М., 1974; Лоя Я. В., История лингвистических учений, М., 1968.

ТИЛЛИТТЕР (англ. till — чополуу кой таш) — тоо тектердин иргелбеген талкаландыларынан пайда болгон жана метаморфизмделип пайда болгон байыркы *морена*. Т. муз м-н жышылып, чийилеленген ар түрдүү өлчөмдөгү кой таштары бар «моңгу упу» деп аталган майда топурак массаларынан түзүлгөн. Дециздик ж-а континенттик болуп ажыратылат. Дециздик Т. жылып түшкөн моңгу арасындагы тоо тек сыпыктарынын деңиз түбүнө чөгүүсүнөн пайда болот. Континенттик Т. моңгу жаткан же жылган аралыктагы тоо тектердин составына жараша түзүлөт. Т.— байыркы муз каптоолордун күбөсү. Ал бардык континентте протерозой чөкмөсүндө кеңири тараган. Т. стратиграфиянын, палеогеографиянын маселелерин чечүүдө, чөкмө кен байлыктарды (темир) прогноздоодо пайдаланылат.

ТИЛМЕ — терининн ж-а былжыр челдин сезгенишин м-н мүнөздөлгөн жугуштуу оору. Аны стрептококк козгойт. Териге микроб майда жараяттар аркылуу кирет. Оору башталганда тери кызарып, сезгенип, шишип оорүйт. Оорулуунун эти ысып (40—41°С), чыйрыгып, кээде кусуп, катуулаганда эсин жоготуп, жоолуйт. Терининн сезгенген жеринде кызыл тактар пайда болуп, шишип, ага жакын

лимфа бездери чоңоёт. Т. болгон жер кызарып, чыңалып, кармаганда катуу ооруйт. Т. көбүнчө бетте же бутта болот. Оору 1—2 жумага созулуп, кээде кабылдайт (мис., *абсцесс, флегмона, сепсис).* Оору бир нече жолу кайталанышы мүмкүн. Дарылоодо *антибиотиктер, сульфаниламид дарылары, физиотерапия* ж. б. колдонулат. Т-ни алдын алууда терини таза күтүү ж-а андагы майда кесиктерди ж. б. жараатты тазалап, под м-н сүртүү, о. эле өздүк гигиенаны сактоо зарыл.

Ад.: Гальперин Э. А., Рыскинд Р. Р., Рожа, М., 1966.

ТИЛ ТОПТОРУ — бир *тил уясындагы,* жалпы белгилери окшош бир нече тилдин жыйындысы. Мис., түркмөн, азерб-н, түрк, карайым, крым татарларынын тилдери — түрк тилдеринин батыш тобун; орус, украин, белорус тилдери — чыгыш славян тилдеринин тобун түзөт. Тил илиминде Т. т-нун андан ары ажырашына, б. а. өтө жакын тектеш тилдерге карата «тилдердин топчосу» термини да колдонулат.

ТИЛ УЯСЫ — тектеш тилдердин жыйындысы. Мис., инди-европа Т. у., урал Т. у. Адатта «Т. у.» терминин тектеш тилдердин обочолонгон топторуна карата гана айтылат, к. *Тилдердин генеалогиялык классификациясы. Салыштырма-тарыхый метод.*

ТИЛЬВИТИС Теофилис [15(28). 1. 1904, Гайжий кыш., азыркы Утена р-ну — 5. 5. 1969, Вильнюс] — литва совет акыны, Литва ССР эл акыны (1954). 1951-жылдан КПСС мүчөсү. 1933—40-ж. «Кунтаплис» сатира журналынын редактору. Чыг-лары 1923-жылдан жарыялана баштаган. «Үч гренадёр» жыйнагы (1926) символисттер м-н романтиктерге каршы жазылган. «Көчүлар» поэмасы (1930—47) — Литванын тарыхый хроникасы. «Дичюс» поэмасы (1934) м-н «Столдун төгөрөгиндеги саякат» романында (1936) эски коомдук түзүлүштү сынга алат. «Балтика шамалы» (1948), «Бакыт жөнүндө сонеттер» (1951) ыр жыйнактары м-н «Успин» поэмасында (1949: СССР мамл. сыйл., 1951) литвалык дыйкандардын социализмге өтүү жолун көргөзот. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ж. б. орден, медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: в рус. пер. — Поэмы, М., 1958; Стихи, М., 1964.

Ад.: Кубилюс В., Теофилис Тильвитис, М., 1958.

ТИЛЬЗИТ ТЫНЧТЫГЫ — Франция м-н Россиянын ж-а Франция м-н Пруссиянын ортосунда 1807-ж. 25(7-июль)-июнда ж-а 9-июлда Тильзит ш-нда (азыр Калининград обл-ндагы Советск ш.) түзүлгөн келишимдер. *Александр* I м-н *Наполеон* Інин сүйлөшүүлөрүнүн натыйжасында Россия Франция м-н союз түзүп, Континенттик блокадага кошулган. Т. т. б-ча Пруссия Эльбанын сол жээгинен ж-а бир топ поляк жеринен ажыраган. Т. т. формалдуу түрдө Наполеон I Россияга кол салганга чейин (1812) күчүндө турган.

ТИМАКОВ Владимир Дмитриевич [26. 6(9. 7). 1905, Рязань губ., Пустотино кыш.— 21. 6. 1977, Москва] — сов. микробиолог, СССР ИАнын (1968) ж-а МИАнын (1952) акад., Соц. Эмг. Баатыры (1975). 1941-жылдан КПСС мүчөсү. 1929-ж. Томск ун-тинин мед. ф-тетин бүткөн. 1934—41-ж. Ашхабад мед. ин-тунда кафедра башчысы, 1938—41-ж. Ашхабаддагы Эпидемиология ж-а микробиол. ин-тунда директор. 1941—45-ж. Түркмөн ССРинин саламаттык сактоо эл комиссары. 1945—53-ж. Москвадагы СССР МИАнын Н. Ф. Гамалея атн. Эпидемиология ж-а микробиол. ил. из. ин-тунда директор, 1953-ж. бөлүм башчы. 1949-жылдан Москвадагы Н. И. Пирогов атн. 2-мед. ин-тунда кафедра башчысы. 1953—57-ж. СССР МИАнын акад. секретары, 1957—63-ж. вице-президенти, 1968—77-ж.— президенти. Т-дун негизги ил. эмгектери микроорганизмдердин генетикасына ж-а өзгөрүү маселелерине, теориялык ж-а практикалык иммунологияга, вирусологияга, жугуштуу оорулардын диагностикасына ж-а профилактикасына арналган. Т. биздин өлкөдөгү жалпы мед. микробиологиянын өөрчүшүнө ж-а кадрлар даярдоодо зор салым кошкон. Ал союздук респ-калардын (анын ичинде Кырг-ндын да) микробиолог адистерин окуткан. Т. 250 ил. эмгектин (8и монография) автору. Болгария НАнын мүчөсү (1969), КПССтин 24—25-съезддеринин делегаты, СССР Жог. Советинин (9-шайл.) депутаты, Ленин сыйл. (1974) ж-а СССР мамл. сыйл. (1952) лауреаты. Үч Ленин ордени, Октябрь революциясы ордени ж. б. ордендер ж-а медалдар м-н сыйланган.

Эмг.: Основы экспериментальной медицинской бактериологии. М., 1958 (совм. с Д. М. Гольдфарбом); Реакция нарастания титра фага (РНФ). М., 1962 (совм. с Д. М. Гольдфарбом); Микробиология, М., 1973.

ТИМАН ТОКОЛ ТООСУ Чыгыш Европа түздүгүнүн түн.-чыгышында. Баренц деңизиндеги Чеша булуңунан Вычегда д-нын башталышына чейин созулат. Уз. 900 *км*че. Эң бийик жери 471 *м* (Четлас Таш чокусу). Дарыя өрөөндөрү м-н үчкө (түн., ортоңку ж-а түш.) болүнөт. Кембрийге чейинки сланец, палеозойдун кум, чопо, аки таш ж. б. тектеринен турат. Нефть (Ухта), газ, титан (Ярега), боксит, күрүлүп таштары бар. Т. т. т-нун түн. бөлүгү тундра, түштүгү тайга зонасында жатат.

ТИМГАД (байыркы аты — Тамугади) — Түн. Африкадагы байыркы шаар. Алжирдеги азыркы Батнадан 25 *км* алыстыкта. Б. з. 100-ж. император Траяндын тушунда негизделген. 2—3-к-да өтө гүлдөгөн. Шаарды 7-к-да арабдар биротоло ойрондогон. Адегенде дээрлик чарчы (360×330 *м*²) формада болгон. Капитолий, салтанат капкасы (1900-ж. калыбына келтирилген), театр, турак жай ж. б. курулуштардын калдыктары жакшы сакталган. Т-дан көп латын жазуулары, мозаикалар, скульптуралар, колодон жасалган асем буюмдар табылган.

ТИМИРЯЗЕВ Климент Аркадьевич [22. 5(3. 6). 1843, Петербург — 28. 4. 1920, Москва] — табият таануучу-дарвинчи, өсүмдүк физиологиясынын орус мектебин негиздөөчүлөрүнүн бири. Петербург НАнын корр. мүчөсү (1890). 1865-ж. Петербург ун-тин сыртан бүтүргөн (1861-ж. студенттик жыйынга катышкандыгы үчүн ун-тен чыгарылган). Анын дүйнөгө көз карашынын калыптанышында А. И. Герцен, Н. Г. Чернышевский ж. б. орев-ячыл демократтардын, Д. И. Менделеев, И. И. Мечников, айрыкча И. М. Сеченов ж-а Ч. Дарвиндин эмгектери зор роль ойногон. 1868-ж. А. Н. Бекетовдун сунушу м-н 2 жылга чет өлкөгө (Германия, Франция) жиберилип, Г. Кирхгоф, Г. Гельмгольц, Р. Бунзен, Ж. Буссенго ж. б-лардын лабор-яларында иштеген. 1875-жылдан Пётр дыйканчылык ж-а токой чарба академиясынын (азыркы Москвадагы К. А. Тимирязев атн. а. ч. академиясы) ординардык проф., 1878-жылдан Москва ун-тинин проф.

Т-дин өсүмдүк физиологиясы б-ча изилдөөлөрү *фотосинтез* процесстин изилдөөгө арналып, ал үчүн атайын методика ж-а аппаратура иштеп чыккан. Фотосинтездин жарыктын интенсивдүүлүгүнө ж-а спектрлик составына байланыштуулугун түшүндүрүү м-н Т. абадагы көмүр кычкыл газдан өсүмдүктүн көмүртекти *ассимиляциялашы* күн энергиясынын, негизинен хлорофилл толук сиңирүүчү кызыл ж-а көк нурлардын эсебинен жүрөндүгүн далилдеген. Т. фотосинтезде хлорофилл физ. гана эмес, хим. жактан да катышаарын айткан. Фотосинтезде энергиянын сакталуу законунун ж-а фотохимиянын биринчи законун (Гроттус закону) тажрыйбада колдонулушун аныктаган. Фотосинтездин энергиялык закон ченемдеринин такталышы орг. ж-а орг. эмес материянын биримдигин далилдөөгө олуттуу салым болгон. Т. жерди пайдаланууда минерал жер семирткичтердин натыйжалуулугун белгилеген. Т. Россияда дарвинизм идеяларын алгачкы таратуучулардан болгон.

Т.— Улуу Окт. рев-ясын жактап, коомдук иштерге жигердүү катышкан. Москвада Т-ге эстелик орнотулуп, мемориал музей үйү уюштурулган. Москва а. ч. академиясына, СССР НАнын Өсүмдүк физиологиясы ин-туна ысымы коюлган. СССР НА өсүмдүк физиологиясы б-ча мыкты ил. эмгектерге үч жылда бир Тимирязев атн. сыйлык ыйгарып, жыл сайын тимирязевдик окуу өткөрөт.


Т. Лондон король коомунун мүчөсү (1911), Глазго (1901), Кембриж (1909) ж-а Женева (1909) ун-ттеринин ардактуу доктору; Эдинбург ботан. коомунун корр. мүчөсү (1911), бир топ орус ун-ттеринин ж-а ил. коомдордун ардактуу мүчөсү болгон.

Чыг.: Сочинения, т. 1—10, М., 1937—40; Наука и демократия. Сб. ст., М., 1963.

Ад.: Корчагин А. И., К. А. Тимирязев. Жизнь и творчество, 3 изд., М., 1957; Сепченкова Е. М., К. А. Тимирязев и учение о фотосинтезе, М., 1961.

ТИМКОВСКИЙ Меер Иосифович (1909-ж. т., Полтава обл., Новогеоргиевск ш.)—Соц. Эмг. Баатыры (1948). 1934-жылдан кант ө. ж. тармагында жетекчи кызматта иштеген. 1942-ж. Кыргыз ССР Беловодский кант з-дунда директор, 1943-жылдан Фрунзе атн. кызылча өстүрүү с-зунун директору. 1947-ж. ал башкарган совхоз 24 *га* кызылчанын гектарынан 817 *ц* түшүм алган. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ТИМОЛ, 2-изопропил-5-метилфенол — өзгөчө жыттуу, суууда эрибеген, орг. эриткичтерде эрүүчү түссүз кристалл. Эрүү t 51,5°C, кайноо t 232,9°C. Т-го *фенолдордун* бардык реакциясы мүнөздүү. Ал кээ бир эфир майларында кездешет. Т. өндүрүштө пропиленди $CH_3—CH=CH_2$ *м*-крезол $CH_3C_6H_4OH$ м-н конденсациялап алынат. Т. ментол ж-а кээ бир хим. индикаторлорду алууда сырьё катары, о. эле медицинада кеңири колдонулат.



ТИМОНЕН Антти Николаевич [18. 4(1. 5). 1915-ж. т., Лусалма кыш., азыркы Карел АССРи, Калевала р-ну] — карел совет жазуучусу. Финн тилинде жазат. 1942-жылдан КПСС мүчөсү. Улуу Ата Мек. согушка катышкан. Туңгуч ангемелер жыйнагы («Аэроплан») 1933-ж. жарык көргөн. «Карелиядан Карпатка чейин» (1948) повести, «Чагылган менен күн алдында» очерктер жыйнагы согуш күндөрүнөн алынып жазылган. Кийин ал «Өркүнү өскөн жээк» (1951), «Шамалдуу булуң» (1953), «Өскөн жеримде жүрүп» (1957) повесть, романдарын жараткан. «Ак канат куш» (1961), «Үйүм ушул жерде» (1966) романдары эл достугу ж-дө. «Бооруңа тартасыңбы, карел жери, менби?», «Биз — карелбиз» (1966) пьесаларында Гражд. согуштан сөз козгойт. Ленин ордени, башка 4 орден м-н сыйланган.

Ад.: Очерк истории советской литературы Карелии, Петрозаводск, 1969; Писатели Карелии. Справочник, Петрозаводск, 1971.

ТИМӨР — *Малайя архипелагындагы* арал. Аянты 34 миң *км*²ге жакын (Кичи Зонд а-дарынын эң ириси). Рельефинде тоолор басымдуу (бийикт. 2950 *м*ге чейин). Баткак жанар тоолору бар. Климаты субэкватордук муссондук. Абанын темп-расы жээктеринде жыл бою 25—27°С. Жылдык жаан-чачыны 1500 *мм*ге жакын. Бийик чөптүү саванна таралган, тропик токою кездешет. Кофе, кокос пальмасы плантацияларда бар. Жүгөрү, шалы эгилет. Т-дун чыгыш бөлүгүн *Чыгыш Тимөр,* батышын Индонезия эзелейт.

ТИМОШЕНКО Семён Константинович [6(18). 2. 1895, Фурманка кыш., азыркы Одесса обл., Килия р-ну, Фурмановка кыш. —31. 3. 1970, Москва] — сов. аскер начальниги, Сов. Союз. маршалы (1940), эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1940, 1965). 1919-жылдан КПСС мүчөсү. Гражд. согушта (1918—20) полкко, дивизияга командир. 1922 ж-а 1927-ж. Жог. академиялык курстарды, 1930-ж. Аскердик-Саясий академияга караштуу жеке начальниктик курсту бүткөн. 1937-жылдан аскер округдарында командачы. 1939-ж. Батыш Украинаны бошотууда Украин фронтуна, совет-фин согушунда (1939—40) Түн.-Батыш фронтуна командачы. 1940-ж. майдан 1941-ж. июлга чейин СССР эл коргоо комиссары. Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) Башкы командованиенин Ставкасынын пред-ли, кийин Жог. Башкы командованиенин Ставкасынын составына кирген. Эл коргоо комиссарына орун басар (1941, июль — сент.). Батыш, Түш.-Батыш багытындагы аскерлерге башкы командачы, Сталинград ж. б. фронтторго командачы. Согуштан кийин аскер округдарына командачы. 1960-жылдан СССР Коргоо министрлигинин ген. инспекторлор тобунун ген. инспектору. 1961—70-ж. Сов. союз ветерандар комитетинин пред-ли. 1939—52-ж. ВКП(б) БКнын мүчөсү, 1952—70-ж. КПСС БКнын мүчөлүгүнө кандидат. СССР Жог. Советинин (1—7-шайл.) депутаты. Бем Ленин ордени, Октябрь Революциясы, Жеңиш, бем Кызыл Туу, үч 1-дараж. Суворов ордендери, медалдар ж. б. сыйлыктар, о. эле чет элдик орден, медалдар м-н сыйланган. Согуу Кызыл Аянттагы Кремль дубалына коюлган.



К. А. Тимирязев.



М. И. Тимковский.



С. К. Тимошенко.

ТИМУР, Темур, Тамерлан, Тимурленг, «Аксак Темур», Темир (1336, Шахрисаба ш-на жакын, Хожо-Ильгар кыш.— 18. 2. 1405, Отрар) — О. Азиялык мамл. ишмер, кол башчы, эмир. Ал — Индияны, Турцияны, Мавераннахрды, Закавказьени, Иранды бириктирген феод. Тимурилер мамлекетин негиздеген, к. *Тимурилер мамлекети.*

Ад.: Новосельцев А. П., Об исторической оценке Тимура, «Вопросы истории», 1973, № 2.

ТИМУРИЛЕР МАМЛЕКЕТИ, Темур мамлекети, Темир династиясынын мамлекети — 14-к-дын 70-жылдарынан 15-к-дын ортосуна чейин О. Азия м-н Иран аймагында бийлик жүргүзгөн феод. мамлекет. Монголдор басып алган жерлерде бийлөөчү топтордун ички каршылыктарынан, жерг. элдердин улуттук-бошт. күймылынын күчөшүнөн, монгол мамлекеттеринин (Алтын Ордо, Чагатай, Ирандагы Хулаги) саясий-экон. негизинин туруксуздугунан өздөрү алсырап ыдырай баштаган. Ири феодалдар м-н Мавераннахрдын соодагер топтору сарбадарлардын (фарсча дарга баш тоскондор; элдик-бошт. күймылга катышуучулар) феодалдарга каршы улуттук-бошт. күрөшүн баса алаар, феод. күчтүү мамлекет курууга жарар кол башчы издөөгө мажбур болуп, мындай адам Кашкардын башкаруучусу Тарагай бектин баласы Тимур боло алаар деп божомолдошкон. Буга чейин ал чакан атчан отряддын башчысы катары гана белгилүү болгон. 1350—60-жылдардагы феод. чабыштарда ири феодалдарга жардамдашып, 1361-ж. Мавераннахрдын бир бөлүгүн басып алган Тоглук Тимур тарапка биротоло өткөн. 1365-ж. куралдуу колдорду башкарган Тимур м-н Хусейн Ташкенге жакын жерде монгол аскерлерин жеңилип, Самарканды ээсиз таштап, өздөрү түштүккө качып кеткен. Шаарды сарбадарлар коргоп калган. 1366-ж. Тимур м-н Хусейндин жоокерлери шаардыктардын улуттук-бошт. күрөшүн басып, сарбадарлар өкмөтүн кулаткан. 1370-ж. Тимур Хусейнди дарга асып, Мавераннахрдагы биликти өзүнө, эмир деген титул алган. Мындан соң ал 35 жыл бою (1370—1405) улуу империя куруу үчүн ар кайсы элдерге баскынчыл жортуул жасаган. Натыйжада өмүрүнүн акыркы жылдарында Тимур Мавераннахр, Түркстан (Сырдарыя бою), Хорезмдин тышкары Иран, Ирак, Афг-н, Закавказье, Индиянын бир бөлүгүн (Пенжаб) бийлөөгө жеткиккен. Т. м-не кирген жерлердеги элдер талоонго учурап, чарбачылыгы бүлүнгөн. Каратылган элдерден таланып алынган байлык жана согуш жүргүзүүгө, О. Азия феодалдарынын керектөөлөрүнө, о. эле Самаркан, Шахрисаба сыяктуу Мавераннахрдын башкы шаарларындагы ар түрдүү курулуштарга жумшалган. Самаркандагы Бибиханым мечити, Шахи-Зинда, Гур-Эмир мазары, Түркстандагы Кожо Ахмед Ясеви мазары, чөл талаадагы сугат арыктары ж. б-лар Иранды, Иракты, Индияны, Арменияны, Аверб-нды ж. б. аймактагы элдерди аёосуз тоноодон түшкөн байлыкка курулган. Тимур басып алган элдерде гана эмес, Мавераннахрда да катаал тартип орноткон. Элден 11


түрлүү салык алынган. Алардын көбүн дыйкандар, кедей-кембагалдар төлөгөн. Жер-суу ири феодалдардын менчигинде болуп, аларды дыйкандар ортоккo иштетишкен. Мамлекеттин ички саясаты көчмөн феодалдар м-н дин башчыларынын мүдөөсүнө төп келген. Салык жыйноочу чиновниктердин алдым-жуттумдугу күчөгөн. Империя бир борборго баш ийбеген жеке феод. эликтерден түзүлгөн. Админ. жактан Мавераннахр түмөндөргө — ар бири аскерге 10 миң кол берүүгө милдеттүү областтарга бөлүнгөн. Энчиге берилген жерлердин башкаруучулары иш жүзүндө көз карандысыз болгон. Тимур Кытайга каршы казатка чыгып, 1405-ж. 18-февралда Отрарда өлгөн. Анын урпактарынын арасында мансап үчүн кан төгүшкөн кармаш башталып, көбү ошондо каза табышкан. О. Азия, Афг-н, Ирандын бир бөлүгү Тимурдун мурасчысы Шахруктун кол астында (1405—47) калган. Түн.-Батыш Иранда, Азерб-нда Кара койлуулар бийлиги кайра орногон. Мавераннахрды Шахруктун баласы Улугбек (1409—49) бийлеген. Ага Фергана (1414), Кашкар (1416) коштулган. Моголстан, Ак Ордого жортуул жасап, өз адамын коймок болгон Улугбектин максаты ордунан чыккан эмес. Мавераннахрда феодалдардын эрегиштүүсү, дин башчыларынын бузукулугу күчөп, 1449-ж. Улугбек душмандык м-н өлтүрүлгөн. Мавераннахрда бийлик Тимур тукумунан чыккан султан Абу Саидге тийген (1451—69). Ал бир аз убакыт Мавераннахр м-н Хорасанды бириктирип турса да, Ирандын калган жерин бүт бойдон Кара койлуулар, 1467-жылдан Ак койлуулар сурап калган. Абу Санддан кийин Тимур тукумунун мамлекети биротоло ыдыраган. Хорасанды Султан Хусейн Байкара (Омар Шейх урпагы) сураган. 1500-ж. Мавераннахрды Мухаммед Шейбани басып алып, өз династиясын негизделген. 1507-ж. ал Гератты каратып, Фергана м-н Самаркандан Бабурду куун чыккан.

Лд.: Бартольд В. В., Улугбек и его время, царствование Тимура, Соч., т. 2, ч. 2, М., 1964, с. 37—95; Гийасаддин Али Йезди, Дневник похода Тимура в Индию, пер. с перс., М., 1958; Гафуров Б. Г., Таджики, М., 1972, с. 476—518; История Самарканда, т. 1, Ташк., 1969, с. 158—95; История Узбекской ССР, т. 1, Ташк., 1967.

ТИНДАЛЬ ЭФФЕКТИ, Тиндаль чачыроосу — жарыктын бир тектүү эмес оптикалык чөйрө аркылуу өтүүдөгү чачырашы. Кара фондо жарыктык конус (Тиндаль конусу) түрүндө байкалат. Бул коллоид системасындагы эритмелерге мүнөздүү. Аларда белүкчөлөрдүн ж-а аларды курчап турган чөйрөнүн сынуу көрсөткүчтөрү чоңдугу б-ча айырмаланат. Коллоид белүкчөлөрүнүн ж-а макромолекулалардын өлчөмүн, формаларын ж-а концентрацияларын аныктоонун бир катар оптикалык методдору Т. э-не негизделген.

ТИО... (гр. théion — күкүрт дегенден) — сөз алды мүчө; күкүрттүн кычкылтектүү бирикмелерин атоо үчүн хим. номенклатурада колдонулат. Мис., *тиокислоталар, тиофенолдор.*

ТИОКИСЛОТАЛАР *(тио... ж-а кислоталар)* — молекуласында кычкылтектин ордуна күкүрт алмашкан кычкылтектүү кислоталардын аналогдору. Орг. эмес Т. туруксуз болгондуктан таза түрдө белүп алуу мүмкүн эмес. Бирок алардын туздары, эфирлери, ангидриддери бир кыйла туруктуу. Орг. Т. (тиокарбон к-талары) мо-



к-таларына белүнөт. Т. жагымсыз жыттуу суюктук; тиешелүү карбон к-таларына караганда сууда начар эрип, төмөнкү темп-рада кайнайт. Орг. Т. бет күкүрттүү фосфорду карбон к-талары м-н кошуудан алынат. Тиоамиддери орг. синтезде, этионамид туберкулёздо дары катары, эфирлери өндүрүштө вискоза булаларын алууда колдонулат.

ТИОСУЛЬФАТТАР — тиокүкүрт к-тасынын $H_2S_2O_3$ туздары. Жегич ж-а жегич жер металлдардын (Ва-ден башка) ж-а аммоний, цинк, кадмийдин Т-ры сууда жакшы эрийт. Алардын ичинен натрий тиосульфатынын $Na_2S{\cdot}O_3$ практикалык мааниси чоң. Ал фотографияда, аналит. химияда, медицинада колдонулат.

ТИОФЕН — гетероциклдүү бирикме; бензол жыттанган түссүз суюктук; кайноо t 84,1°С, эрүү t — 38,3°С. Сууда начар, орг. эриткичтерде жакшы эрийт. Т. таш көмүр чайыры м-н сланецтердин составында болот. Хим. каспети бензолго окшош. Ал оңой галогенделет, сульфирленет ж-а алкилделет. Т. 300—400°С темп-рада алюминий кычкылынын үстүнөн ацетилен (же фуран) м-н күкүрттүү суутекти өткөзүү, акак к-тасынын Na тузу м-н күкүрттүү фосфордун аралашмасын пиролиздөө ж. б. жол м-н алынат. Андан биол. активдүү заттар, аналит. реагенттер ж. б. алынат.



ТИОФЕНОЛДОР — шакегинде меркаптан тобу (—SH) бар орг. бирикмелер; жог. темп-рада кайноочу жагымсыз жыты бар түссүз суюктук. Сууда эрибейт, орг. эриткичтерде эрийт. Эң жөнөкөй Т.— фенилмеркаптан C_6H_5SH (кайноо t 169°С). Т. диарилдисульфиддерди калыбына келтирүүдөн ж. б. жолдор м-н алынат. Т. полимерлерди, боёкторду, ингибиторлорду синтездоодо колдонулат.

ТИОЭФИРЛЕР — күкүрт орг. бирикмелер; жөнөкөй эфирлердин күкүрттүү аналогдору; жалпы формуласы R—S—R (мында R — углеводороддук радикал). Т. түссүз, эфир жыттуу суюктук; сууда эрибейт, орг. эриткичтерде жакшы эрийт. Т. суутек өте кычкылы ж-а концентрацияланган азот к-тасынын таасиринен сульфоксиддерге ж-а сульфондорго чейин кычкылданат. Галогендер, алкилгалогендер м-н жеңил кошулат. Т. меркаптиддерди алкилдөөдөн ж-а термдик ажыратуудан алынат. Ал мотор отундарына ж-а майлагыч майларга стабилизатор, көз бирн эриткич, боёк катары ж-а медицинада колдонулат.

ТИП (гр. týpos — форма, үлгү) — 1) өзгөчө белгилери бар перселердин формасы, түрү. 2) Бир нерсенин үлгүсү, селекоту. 3) Типологияда изилденчү реалдуулуктун тарам бирдиги. 4) Ландшафт таануудагы (мис., ландшафт Т-и, жер Т-и) ж-а жаратылыш чөйресүн изилдөөчү башка илимдердеги (мис., рельеф Т-и, климат Т-и ж. б.) таксономиялык категория же классификация бирдиги. 5) Өзгөчө мүнөздүү адамдын, адам тобунун, асыресе социалдык катмардын, таптын, улуттун, доордун көрүнүктүү өкүлү. 6) Адабиятта—бул же тигил элге, тапка же коомдук топко мүнөздүү касиеттерди чагылткан жеке бир кишинин көркөм образы. Т-тин конкреттүү кишн м-н жалпылык каспети — анын зарыл белгиси. Ансыз Т-ти элестетүү мүмкүн эмес. Ад-ттагы Т-тин коом таанытуучул маанисн чоң. Анткени анда коом турмушунун закон ченемдери ж-а негизги тенденциялары ачылат. Т-тердин маанисн ар кыл. Турмуш агымын, анын ар түркүн абалын сүрөттөө м-н жазуучу эскинин, жаңынын ж-а келечек эсспин образын түзөт. Т. жазуучунун турмушту кылдат баамдашына, жаңыны таамай сезе билишине байланыштуу болот. Т-тер социалдык мүнөз б-ча да бир беткей эмес. Аларда таптардын (мис., М. Горькийдин «Фома Гордеев» ж-а «Артамоновдордун ишиндеги» буржуйлар), улуттук мүнөздүн (М. Ю. Лермонтовдун Калашникову, Л. Н. Толстойдун Кутузову ж. б.), доор мүнөзүнүн (Гамлет) белгилери чагылдырылат.

ТИП (биологияда) — 1) жаныбарлар систематикасындагы жакын класстарды бириктирген жог. таксономиялык категория. «Т.» терминин 1825-ж. франц. илимпоз А. Бленвиль киргизген. Түрдүү Т-тин көлөмү ар башка, мис., былпылдактар тибн 5000ге, нотогнофлор тибн 100гө жакын түрдү камтыйт. Т. типчелерге белүнөт. Бир Т-теги организмдер бирдей түзүлүштө болот. 2) Осүмдүктөрдө Т. белүм деп аталат.

ТИПОЛОГИЯ *(тип ж-а ...логия)* — 1) перселерди, кубулуштарды жалпыланган моделдин же типтин жардамы м-н топторго белүүгө негизделген ил. таанымдын ыгы. Т. жаңача же ар башка жашаган перселердин белгилерин, байланыштарын, кызматын, мамилелерин, түзүлүшүн салыштырып изилдөө үчүн колдонулат. 2) Типологиялык изилдөөнүн натыйжасы. Т. маселеси илимдердин бардык (химия, биология, психология, тил таануу, география ж. б.) тармагында кезигет. Т. изилдөөнүн жаткан системанын түзүлүшүн ачып, закон ченемин аныктап, белгисиз перселер ж-дө алдын ала айтууга мүмкүндүк берет.

ТИПТҮҮЛҮК — объективдүү дүйнөнүн конкреттүү системасына мүнөздүү демейдеги көрүнүш. Т. түшүнүгү 19-к-дагы ад-т теорияларында (В. Г. Белинский, И. Тэн, Г. Брандес ж. б.) кеңири жайылган. Ф. Энгельс бул мезгилдин иск-восун типтүү жагдайда типтүү мүнөз түзүү катары мүнөздөгөн (Маркс К., Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 37, с. 35). Типтүү образ жаратуу — чыг-лык татаал процесс. Демейде типтештирүү бир адамдын образында бир нече реалдуу адамдарга мүнөздүү белгилерди чогултууну туюнтат. Бирок чыгармада ошол белгилердин андан ары табигый өнүгүшү башкы маанине ээ. Типтүү мүнөздөр, алардын өз ара ж-а шарт-жагдай м-н байланыштары — коомдук кубулуштарды көркөм таанын билүүнүн натыйжасы.


ТИР (фр. tirer—керүү, жаа тартуу) — ок атуучу же пневматикалык кол куралынан бута атуу б-ча машыгуу ж-а мелдеш өткөрүлүүчү спорттук курулуш. Т-дин чондугуна жараша 10 *м*-ден 300 *м*ге чейинки аралыкта атууга болот. Т. жабык, чала жабык ж-а ачык болуп белүнөт. Ири мелдештер ж-а чемпионаттар ок атуу стадиондорунда өткөрүлөт. Т. эс алуучу парктарда да болот. Кырг-нда 56 аткыч-тар Т-н бар (1978).

ТИРАДА (итал. tirata — созуу)—узун фраза, реплика, көтөрүңкү тон м-н айтылган кептин (речтин) бир белүгү.

ТИРАЖ — бир наамдагы басма продукция пускасынын саны. СССРде ж-а башка соц. өлкөлөрдө мезгилдүү басма сөздүн (газета, журнал) Т-ы жазылуучулардын санына жараша белгиленет; китептин, китепченин ж. б-нын Т-ы басма тарабынан китеп соода уюмдары м-н бирге белгиленет. Жалпы алганда Т. аз (15 миң нускага чейин), орточо (100 миң нускага чейин) ж-а массалык Т. (100 миң нускадан ашык) болуп айырмаланат.

ТИРАН — 1) Байыркы Грецияда ж-а 13—16-к-да Италиянын шаар-респ-каларында бийликти күч м-н тартып алган адам. 2) Өз бийлигин зордоо, кыйноо м-н жүргүзгөн ырайымсыз башкаруучу. Өтмө мааниде — эзүүчү, кыйноочу, ырайымсыз киши.

ТИРАНА — Албаниянын борбору. Өлкөнүн сансий, экон. ж-а маданий башкы жайы. Тоо арасындагы өрөөндө (деңиз деңг. 89 *м* бийикте), Адрия деңизинен 40 *км* аралыкта жайгашкан. Жолдор тоому, аэропорту бар. Калкы 200 миң (1978). Текстиль, тамак-аш, бут кийим, металл иштетүү, ийне-жип, мех., муз. окуу жайлары, край таа-



Тирана. Алдыңкы планда ун-ттин имараты.



Денесинин уз. 15 *м*, бийикт. 6 *м*ге жеткен. Алдыңкы колдору өтө кыска ж-а ичке, арткы буттары м-н аяктан баскан. Арткы буттары булчуңдуу, күчтүү, куйругу жоон келип, денеге таяныч болгон. Баш сөөгү чоң (уз. 1,5 *м*ге чейин), тиши учтуу, азуулары узун ж-а курч болгон. Кургакта жашаган. Триас мезгилинин аягында пайда болуп, бор мезгилинин акырында түкүм курут болгон. Калдыктары Түн. Америкада табылган.


ТИРАСПОЛЬ — Молдаван ССРиндеги шаар. Днестрдин сол жээгиндеги пристань. Т. ж. станциясы. Калкы 139 миң (1979). Тамак-аш ө. ж. («Молдплодоовощпром» агрардык ө. ж. бирикмеси, эт комбинаты, шарапконьяк з-ддору ж. б.), «Электромаш», электр аппарат, куюучу машина, «Молдавизолит», металл буюмдары, автомобиль чиркегич з-ддору, кебезден кездеме токуу, мебель ф-калары иштейт. Пед. ин-т, тамак-аш ө. ж., жашылча-жемиш с-з техникумдары, мед., муз. окуу жайлары, край таануу музейи, драма театр бар. Т. 1792-ж. негизделген.

ТИРАТРОН [гр. thýra — эшик, кирме ж-а *(элек)трон*] — бүлбүлдөө разрядду (муздак катоддуу) же анод м-н катоддон башка бир же бир нече башкаруучу электроду (торчосу) бар өз алдынча эмес жаа разрядду (ысытылма катоддуу) иондуу прибор. Бүлбүлдөө разрядду Т. негизинен реле, эсептөө техникасынын эске тутуучу түзүлүштүн элементи, электр сигналын өзгөрткүч катары, ал эми жаа разрядду Т.— импульстуу иштөөчү түзүлүштүн коммутациялык элементи, башкарылма вентиль катары колдонулат. Жарым өткөргүчтүү электрониканын өнүгүшүнө байланыштуу Т-ду жарым өткөргүчтүү приборлор (негизинен тиристор) сүрүп чыгарууда. Бирок импульстуу Т. кубаттуу электр импульстарын пайда кылуу үчүн кеңири колдонулат.

ТИРЕОИДИН — малдын калкан безинен алынган дары. Анда тироксин, триподтиронин гормондору бар. Ал организмдеги ото татаал зат алмашуу процессин ылдамдатат. Т. калкан безинин функциясынын жетишсиздигинде *(микседема, кретинизм* ж. б.) колдонулат.

ТИРЕОТОКСИКОЗ — канда *тироксиндин* көбөйүшүнөн пайда болгон оору (к. *Базедов оорусу, Богок).* Т-до кычкылтекти сарп кылуу күчөгөндүктөн негизги зат алмашуу жогорулап, кандагы кант көбөйүп (гипергликемия), ал сийдик м-н чыгат (глюкозурия). Кырг-нда Т-ду дарылоодо ж-а профилактика жүргүзүүдө И. К. *Ахунбаев* ж-а анын шакирттеринин эмгеги чоң.

ТИРИСТОР (гр. thýra — эшик, англ. resistor — каршылык) — *р—n—р—n* структурадагы жарым өткөргүчтүү прибор. Т-дун негизин кремнийдин монокристаллдуу пластинкалары түзөт. Т. электрдик вентилдин сапаттарына ээ болгондуктан өзгөрткүч түзүлүштө, инвертордо, башкарылма түзөткүчтөрдө ж. б-да кайра туташтыргыч катары колдонулат.



Тиристордун структурасы: *А* — анод; *К* — катод; *УЭ* — башкаруучу электрод; *р* — *р*-тибиндеги өткөрүмдүүлүктүү область; *n*—*n*-тибиндеги өткөрүмдүүлүктүү область.

ТИРИЧИЛИК, жашоо, турмуш — материянын жашоосунун өнүгүү процессинде белгилүү бир закон ченемдүүлүк м-н пайда болуучу жог. формасы. Жандуу объектилерде зат алмашуу, көбөйүү, өсүү, өз составын ж-а милдетин активдүү жөнгө салуу, дүүлүгүү, чойрого ыңгайлашуу ж. б.

процесстери жүрөт. Ф. Энгельстин аныктамасы б-ча Т.— белоктун бар болушу ж-а мындай Т-ке белоктун хим. составдык болуктөрүнүн өзүнөн өзү такай жаңырып турушу (Маркс К., Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 20, с. 82). Энгельс Т-ке ушундай аныктама берип жатканда белок термини таасын аныктала электиктен аны бүткүл протоплазмага тиешелүү деп эсептешкен. Азыр Т-ке ээ ар кандай объекттин составында биополимерлердин негизги эки түрү: белоктор ж-а нуклеин к-талары (ДНК ж-а РНК) бар экени маалым.

Дарвиндин ою б-ча Т-тин бардык түрү төмөнкү закондордун негизинде пайда болот: өсүү, кайра жаралуу, тукум куучулук, өзгөргүчтүк, көбөйүүнүн өсүшү; Т. үчүн күрөш — табигый тандалуу (Соч., т. 3, М.— Л., 1939, с. 666). Ч. Дарвиндин Т. ж-дө бул айтканы азыр да күчүндө. Ал белгилер Т-тин эки жалпы закону түзөт. 1) Жандуулардын тыштан кабыл алынган заттарды ассимиляциялоого, б. а. өз материалдык түзүлүшүнө ылайыктап өздөштүрүүгө, өзгөртүүгө, бир нече ирет кайра жаратууга (репродукциялоого) жөндөмдүүлүгү. Бул көбөйүүнүн өсүшүнүн, о. эле тукум куучулуктун негизин түзөт. Сов. биохимик В. А. Энгельгардт өзү өндүүлөрдү кайра жаратуу жандуулардын башкы касиети деп эсептейт. 2) Жандуу объектилердин материалдык түзүлүштөрүнүн кубулуучулугунун натыйжасында эбегейсиз көп түрдүү касиеттерге ээ болушу. Кайра жаралууга зарыл тукум куучуч касиеттерди сактоо ДНК ж-а РНК аркылуу ишке ашат. Белгилүү бир физ. ж-а хим. шарттарда гана (темп-ра, суу, туз ж. б.) Т. болушу мүмкүн. Бирок Т. процесстин токтошу (мис., үрөндү кургатуу же майда организмдерди катыруу ж. б.) Т-ке жөндөмдүүлүктү жоготуу дегендикке жатпайт. Эгерде алардын структурасы сакталса, нормалдуу шартка кайра келгенден кийин Т. процесси кайра ордуна келет.

Т. материянын жашоосунун башка түрлөрүнөн хим. компоненттеринин көп түрдүүлүгү, татаалдыгы ж-а жандуулардагы кубулуу динамикасы б-ча артыкчылык кылат. Жандуу системалар түзүлүшү жагынан преттүү. В. А. Энгельгардттын ою б-ча жандуулар жансыздардан дал ушул молекулалардын баш-аламан жылуулук кыймылдарынан ырааттуулукту түзүүгө жөндөмдүүлүгү м-н айырмаланат. Жандуу системалар курчап турган чөйрө м-н энергия, зат ж-а информация алмашат. Бул процессте энергиялык потенциалдын ар түрдүүлүгү калыбына келтирилип турат, б. а. «тең салмактуулукка каршы» аракет жүрөт (Э. Бауэр). Бирок бул термодинамиканын экинчи законуна баш ийбейт деп кароо туура эмес. Себеби, жандуу системалардагы энтропиянын азайышы айлана-чөйрөдөгү энтропиянын өсүшүнүн эсебинен гана болуп, ал жалпысынан Т. процесстинде термодинамиканын экинчи законунун талабына жооп берет. Тиричиликтин пайда болушу ж-догу татаал маселенин айланасында идеялык күрөштөр жүрүп келген ж-а жүрүп жатат. Диний ишеним б-ча жаныбарлар ж-а өсүмдүктөр кудайдын амири м-н азыр кандай болушса, так ошондой абалда жаралышкан. Ал эми виталисттер Т. бул түбөлүк персе, жандуу жансыздан материалдык эмес бөтөнчө принципке ээ болгондугу м-н айырмаланат деп эсептешет. Диалек.-матер. мамиле гана бул маселенин туура чечилишине жол ачты. Т-тин табигый түрдө пайда болгону ж-а материалдык кубулуш экени айкындалды.

Т-тин көптөгөн закон ченемин изилдөөдө филос. туура позиция да зор мааниге ээ. Диалек. материализм б-ча Т. физ. ж-а хим. закон ченемдерден башка, өз бөтөнчөлүктөрү бар биол. закон ченемге да ээ. Т-ти изилдөө жалпы теориялык, филос. маселелерди: бүтүн м-н бөлүктүн, форма м-н мазмундун карым-катышы, биол. детерминациянын бөтөнчөлүгү, өзү кураллуучу системалардын принциптери ж. б-ны өз кучагына алат.

Ад.: Энгельс Ф., Диалектика природы, Маркс К., Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 20; ошонуку, Анти-Дюринг, Фр., 1964; Ленин В. И., Материализм жана эмпириокритицизм, Чыг., кырг. 1-бас., 14-т.; Шредингер Э., Что такое жизнь с точки зрения физики?, М., 1947; Опарин А. И., Возникновение и начальное развитие жизни, М., 1966; Энгельгардт В., Проблема жизни в современном естествознании, «Коммунист», 1969, № 3; Бернал Дж., Возникновение жизни, М., 1969.

ТИРИЧИЛИК АСПАП ЖАНА МАШИНАЛАР ӨНӨР ЖАЙЫ — үй тиричилигинде керектелип, кол эмгегин азайтуучу аспап ж-а машиналарды чыгаруучу ишканалар жыйындысы. СССРде тигүүчү машина, ар түрдүү электр аспап чыгаруу кеңири өнүккөн. 1970-ж. бул багытта 300дөн арбын ишкана иштеп, 100дөн ашуун буюм түрү жасалып чыгарылган. КПССтин 23-съездинин (1966) директиваларына ылайык бул өндүрүштүн тех. деңгээлин жогорулатуу б-ча зор иштер жүргүзүлүп, бир катар ишканалар кайрадан жабдылды. Самаркан, Уссурийск, Минск ж. б. ш-да жаңы заводдор курулду. Львов, Кишинев, Дүйшөмбү ж-а Ригада жаңы буюм түрүн чыгаруу б-ча атайын конструкторлук бюролор түзүлдү. Үй тиричиликке керектүү аспап, машина чыгаруу соц. өлкөлөрдө да кеңири жолго коюлган. Кырг-ында «Киргизия» кир жуучу машинасы, «Тянь-Шань» газ плитасы, электр плитасы сыяктуу тиричилик буюмдары чыгарылат.

ТИРИЧИЛИКТИН ПАЙДА БОЛУШУ — табият таануудагы негизги маселелердин бири. Теологдор м-н идеалист философтор тиричиликтин башталышы «жогорку интеллекттин», кудайдын чыг-лык ишинин натыйжасы деп түшүндүрөт. Ал эми материалисттер *тиричилик* материалдуу ж-а табияттын жалпы закондорунун негизинде табигый жол м-н пайда болгон деп эсептейт. 19-к-дын аягы — 20-к-дын башында табият таанууда үстөмдүк кылган мех. материализм организмди машинага окшоштуруу аркылуу тиричиликти таануунун аракеттегендиктен Т. п. б-н туура чече алган эмес. Ф. Энгельс «Жаратылыш диалектикасында» коргозгондой, диалек.-матер. көз караш гана бул маселени чечүүгө жол ачты. А. И. *Опариндин* «Тиричиликтин пайда болушу» деген эмгеги жарыкка чыккандан (1924) кийин гана Т. п. б. изилдене баштады. Бул эмгекте Т. п. б. материянын узакка созулган эволюциясынын натыйжасы деген биринчи ирл. концепция түзүлгөн. Табият таанууда топтолгон маалыматтарды жыйынтыктап, А. И. Опарин Т. п. б. ж-а калыптанышындагы орг. кошулмалардын, жөнөкөй түзүлүштөрдүн, энергиялык процесстердин ж-а биохим. функциялардын пайда болушун аның андан ары эволюция мүмкүнчүлүгүн табигий ж-а тарыхый негизде изилдеген. Бул теория азыркы кездеги Т. п. б. ж-дөгү бардык түшүнүктөрдүн негизи болуп калды. 50 жыл ичинде топтолгон материалдар Жерде Т. п. б-н көмүртектүү кошулмалардын эволюциясынын закон ченемдүү процесси деп кароого мүмкүндүк берди. Жылдыздар аралык чөйрөдө көмүртектүү кошулмалардын бар экенин далилдеген азыркы радиоастр-ялык маалыматтар ж-а кометалык спектрлер м-н метеориттердин хим. составын изилдөө орг. заттар Т. п. б-нан мурда, ал тургай биздин планета калыптана электе эле болгонун көрсөттү.

Кембрийге чейинки мезгилде пайда болгон тоо тек катмарын хим. ж-а палеонтологиялык изилдөө, өзгөчө Жер калыптанган алгачкы мезгилдеги шарттарды элестеткен моделдик тажрыйбалар ошол кезде улам татаал орг. заттардын, о. эле полипептиддердин, полинуклеотиддердин кандайча пайда болгонун түшүнүүгө мүмкүндүк берди. Демек, эң жөнөкөй углеводороддордун абиогендик пайда болуусу орг. материянын өнүгүүсүнүн биринчи баскычы экенинде шек жок. Жердин алгачкы атм-расы калыбына келтиргич касиетке ээ болгон. Убакыт өткөн сайын атм-раның составы акырындык м-н өзгөрө берген, андагы кычкылтек барган сайын көбөйүп (тиричиликтин алгачкы анаэробдук формасынын калыптануусунун натыйжасында), аба кычкылданткыч касиетке ээ боло баштаган. Жер 4,5 млрд жыл мурун калыптанса, андагы тиричиликтин биринчи белгилери 2,3 млрд жыл мурда пайда болгон. Демек жер калыптангандан кийин анда узакка тиричилик болгон эмес. Ал мезгил хим. эволюциянын мезгили деп аталат. Анда татаал орг. заттарды пайда кылуучу түрдүү хим. өзгөрүүлөр жүрүп турган. Бул орг. заттар бара-бара орг. заттардын обочолонгон системалары — пробионттордун, андан кийин тиричилик касиетке ээ болгон протоклеткалар—эң жөнөкөй клеткалардын составдык болуктөрү болуп калган. Ушул эң жөнөкөй клетканын калыптанышы м-н биол. эволюция башталат. Т. п. б-дагы заттардын хим. эволюциясы ж-дөгү түшүнүк бир катар эксперименттер аркылуу далилденди. Алгачкы сууда улам татаалданган орг. заттардын синтези, о. эле алардын аксыроосу, анан кайра жаңы синтези жүрүп турган. Мындай процесстер пробионттордун пайда болушунун бир нече ирет кайталанууусуна алып келген. Мындай түшүнүк Т. п. б-на кокустук мүнөздүү деген гипотезаны жокко чыгарат. Бул түшүнүк хим. эволюциянын биол. эволюцияга өтүүсүн түшүнүү үчүн өзгөчө маанилүү. Орг. заттардын фазалуу обочолонгон системаларынын — пробионттордун пайда болушунун башка жолдору да болушу мүмкүн. Бирок Т. п. б-нун алдында материянын хим. эволюциясы болгону талашсыз. Узакка созулган эволюциянын ж-а *табигый тандалуунун* натыйжасында пробионттор жог. баскычтагы системаларга — организмдерге айланды.

Ад.: Опарин А. И., Возникновение и начальное развитие жизни, М., 1966; Бернал Дж., Возникновение жизни, пер. с англ., М., 1969; Руттен М. Г., Происхождение жизни (естественным путём), пер. с англ., М., 1973.

ТИРИЧИЛИК УЗАКТЫГЫ, жашоо узактыгы — өсүмдүк, жаныбар ж-а кишинин жашоо мөөнөтү. Ал физиол., экологиялык ж-а орт. болуп бөлүнөт. Физиологиялык Т. у.— ыңгайлуу шартта жашаган особдун генетикалык жактан чектелген максималдуу өмүрү. Экологиялык Т. у. — табигый шарттагы жашоо чегин мүнөздөп, сыртқы факторлордун таасирине көз каранды. Орточо Т. у. — статистикалык өзгөрүлмө чоңдук. Ал популяциянын жашоо мезгилине жараша өзгөрүп турат.

Жыгач өсүмдүктөрүнүн ж-а көө бир жаныбарлардын, анын ичинде тукум курут болгондорунун жашы жылдык шакектер аркылуу аныкталат. Өсүмдүктөрдүн жашын сөңгөктүн жоондугу м-н ар жылы кошулган калындыгын, кабыктын түсүн ж-а түзүлүшүн салыштырып, ал эми айбанаттарда организмдин сыртқы турпаты, тиши, баш сөөк жиктеринин өсүшү же аларга эң салуу, шакектөө жолу м-н билүүгө болот. Өсүмдүктөрдө эң узак жашагандар да учурайт. Мис., секвойя, арчанын көө бир түрү ж. б. 3000ге чейин, эмен, грек жаңгагы ж-а каштандар 2000ден ашык, липа, карагай 700—1000 жыл өсөт. Көп жыгач өсүмдүктөрдүн Т. у. 70—120 жыл. Көө бир өсүмдүктөр тиричилик циклин ыңгайлуу бир гана мезгилде бүтүрөт (к. *Бир жылдык өсүмдүктөр, Эфемерлер*). Колониялуу өсүмдүктөр (миксомицеттер, балырлар ж. б.) 10—20 жыл өсөт.

Жаныбарлардын Т. у. экологиялык шартка байланыштуу түрдүүчө болот. Мис., инфузориянын бир түрү бир нече күн (көбүрөөк азыктанса) же бир нече ай (азыраак азыктанса) жашайт. Көп клеткалуу жаныбарлардан былчылдактар 10—15 жыл, ичеги көндөйлүүлөр 70—80 жыл (актиния), көө бир куртташ 1—3төн ондогон жылдар, жөргөмүштөр 4—5, көөдө 20 жыл, рак сымалдар бир нече жумадан (дафния) 50 (омарлар), көө бир моллюскалар 100 жылга чейин жашайт. Айрым балыктар (осетр, чортон) 80 жылдан ашык, жерде-суудa жашоочулар 60—70 (саламандра), таш бака 150, куштар 70, пил 60—80, гиббондор 32, шимпанзе 39 жылча жашайт. Коргоочу аппараттары бар (раковина, панцирь ж. б.) ж-а аз кыймылдуу жаныбарлар (таш бака) кыймылдуу жаныбарларга (жыландар м-н кескелдириктер) караганда узак жашайт. Жасалма гиподинамия көп сүт эмүүчүлөрдүн Т. у-н кескин кыскартат, ал эми узакка уктоо (о. эле ачка болуу) узартат.

Кишинин Т. у. биол. тубаса өзгөчөлүктөргө ж-а социалдык шартка байланыштуу. Өмүрдүн орт. узактыгы Россияда 1896—97-ж.— 32, СССРде 1926—27-ж.— 44, 1958—59-ж.— 69, 1970—71-ж.— 70. 100дөн ашык (140—150) жыл жашаган адамдар миңдеп кездешет, бирок бул «рекорддор» жалпы Т. у-на таасир этпейт. Эркектерге караганда аялдар узак жашайт. СССРде эркектердин орт. жашы — 65, аялдардыкы — 74 (1971). Ооруларды алдын алуу ж-а дарылоо, өлүмдү азайтуу, *геронтология* ж-а гериатриянын жетишкендиктери Т. у-нын мындан ары жогорулашына алып келет.

ТИРИЧИЛИК ФИЛОСОФИЯСЫ—бол-муштагы бардык нерсени тиричиликтин көрүнүшү катары караган субъективдүү идеалисттик филос. багыт. Ал 19—20-к-дардын чегинде Германияда ж-а Францияда калыптанып, ага А. Шопенгауэр чыйыр салган. Бул багыттын пайда болушу дүйнөнү механисттик сүрөттөөнүн жарамсыздыгын айкындаган биол., псих. ж. б. илимдердин ыкчам өнүгүшүнө байланышкан. Т. ф. бурж. философиядагы кризистин, анын илимди чаныш, иррационализмге ж-а нигилизмге өтүшүнүн белгиси болгон. Т. ф-нын объективдүү мацызы — коомдук-тарыхый процесстин өзгөчөлүгүн бузуп, идеалистче түшүндүрүү. Бул багыттын борборунда дүйнөнүн чексиз башталмасы катары тиричилик түшүнүгү турат. Ал материя ж-а аң-сезимден айырмаланып, активдүү, көп кырдуу, түбөлүк қыймылда имиш. Тиричиликти сезим же акыл-эс м-н таанып-билүү мүмкүн эмес, ал интуиция м-н гана түшүнүлөт. Т. ф-н негизги эки топко жиктөөгө болот: биринчи топ (Бергсон ж. б.) тиричиликти биол. мааниде түшүнүп, биол. касиеттерди

бүт болмушка жайылткан; экинчи топ (Ф. Ницше, В. Дильтей, Г. Зиммель) тиричиликти эрк, ички ой толгоо, духовный күчтөрдүн иррационалдуу оюну катары түшүнөт. Т. ф-нын башкы идеялары экзистенциализмге идеялык булак болгон.

ТИРИЧИЛИК ФОРМАЛАРЫ, биологиялык формалар — өсүмдүктөрдүн чөйрөнүн шартына ыңгайлануусун чагылдырган сыртқы көбөтеси (габитус). Т. ф. негизинен өсүмдүктөрдүн жер астындағы ж-а жер үстүндөгү вегетатив органдарына көз караңды, алардын өөрчүшүнүн ритми м-н тиричилигинин узактыгына байланыштуу. Эволюциянын жүрүшүндө Т. ф. түрдүү климат, кыртыш ж-а биоценоз шарттарынын патыйжасында келип чыгат. Бир эле түр ар кандай шарттарда ар башка Т. ф-на ээ болот (эмен, бук, карагай, түркстан арчасы ж. б.). Булар тоодо ж-а токой зонасында — бийик дарак, түндүктө ж-а бийикте бадал сымал же жерге төшөлүп өсмө дарак. Жаныбарлардын Т. ф.— бирдей чөйрөдө жашоо үчүн окшош экология-морфол. ыңгайлануура ээ болгон, систематикалык жактан туугандаш жаныбарлардын тобу (негизинен чукул түркүм же тукум). Тукумдаш эмес организмдер окшош чөйрөдө жашоого ыңгайланышса да, өз ара айырмалануын турат (мис., куштардын ж-а сүт эмүүчүлөрдүн сууда сүзүүгө же чумкууга ыңгайланышы). Т. ф-н изилдөө организмдердин ыңгайланып өзгөрүү жолдорун ж-а жашоо чөйрөсүнүн өзгөчөлүгүн аныктоого жардам берет.

Ад.: Серебряков И. Г., Экологическая морфология растений, М., 1962.

ТИРИЧИЛИК ЦИКЛИ, өөрчүү цикли — өөрчүү фазаларынын жыйындысы. Бул мезгилде организм өөрчүп жетилип, кийинки тукум берүүгө жөндөмдүү болуп калат. Т. ц-нин узактыгы бир жылдын ичиндеги тукумдун же өөрчүү жылдарынын санына, тыным мезгилинин ж-а диапаузанын узактыгына жараша болот. Жаныбарларда жөнөкөй түздөн түз ж-а татаал *метаморфоз* же *мүүн алмашуу* м-н өөрчүүчү Т. ц. болот. Ал өсүмдүктөрдө бир, эки ж-а көп жылдык болуп бөлүнөт. Жөнөкөй түзүлүштүү өсүмдүктөрдүн көө бирине ж-а папоротниктерге *гаметофит* м-н *спорофитти* алмаштыруу м-н өтүүчү Т. ц. мүнөздүү.

ТИРОКСИН, 3, 5, 3', 5'-тетраиодтиронин — калкан безинин гормону. Синтез жолу м-н алынат. Т. жерде-сууда жашоочулар ж-а көө бир сөөктүү балыктардын метаморфозун тездетет; киши ж-а жылуу кандуу жаныбарларда зат алмашуунун күчөтүп, жылуулуктун көп бөлүнүшүнө, ткандардын өсүшүнө ж-а дифференциялануусуна таасир тийгизет. Организмде Т-дин синтези ж-а бөлүнүшү гипофиздин тиреотроп гормону м-н жөнгө салынып, айлана-чөйрө фактору, тамак-аш (иод), ички

секреция бездеринин абалына жараша болот. Кишиде Т. балансынын бузулушу түрдүү ооруларга *(Тиреотоксикоз, Богок, Кретинизм* ж. б.) алып келет.

ТИРРЕН ДЕҢИЗИ — Жер Ортолук деңиздин Апеннин ж. а-нын ж-а Сицилия, Сардиния, Корсика а-дарынын ортосунда жайгашкан бөлүгү. Тектоникалык чуңкурдукта жайгашып, тереңд. 3719 *м*ге жетет. Суунун бетинин темп-расы жайында 22—24,5°С, кышында 13,5—14,5°С, тузд. 37,25—38,25‰. Агымынын ылдамд. 1 *км/с*. Балык кармалат (сардина, тунец, угорь, селебе балык). Негизги порттору: Неаполь, Палермо, Кальяри (Италия), Бастия (Франция).

ТИРСЕК — *блефариттин* жаралуу түрү.

ТИРҮҮЛӨЙ ТУУШ, в в и п а р и я — тукум калтыруу жолу. Мында түйүлдүк эне организминде плацента—баланын тону аркылуу азыктанып, аздыр-көптүр өөрчүп жетилген бала туулат. Жумуртка туушта түйүлдүктүн өөрчүшү ж-а жумуртка кабынан ажыроосу эне организминен сыртканы өтөт. Жумуртка-тирүүлөй туушта түйүлдүк эне организминдеги жумурткада өөрчүп, тышка чыгары м-н жумуртка кабынан бошонот. Мында түйүлдүк жумурткада топтолгон азыктаттар ж-а түздөн түз эне болуп чыгарган заттар м-н азыктанат. Омурткасыздардан — кээ бир инчеги көңдөйлүүлөр, муунак буттуулар, ийне терилүүлөр; хордалуулардан — көпчүлүк акула ж-а көкөрчөк, кээ бир кур бака, кескелдирик, жылан ж. б.; көпчүлүк сүт эмүүчүлөр (жумуртка туучу сүт эмүүчүлөрдөн башка) тирүү туулат. Т. т. өсүмдүктө да учурайт. Мында өсүмдүктүн жер үстүндөгү органдарында калыптанган, кичинекей өсүмдүк оорчүйт. Ал жерге түшүп, өзүнчө өсүмдүк болуп өсөт. Мындай (балалоочу) өсүмдүктөр көбүнчө шарты катаал (бийик тоодо, тундрада, чөлдө) жерлерде учурайт.

ТИСА, Т и с с а — СССР, Венгрия ж-а Югосл-ядагы дарыя. Дунайдын эң ири сол куймасы. Уз. 966 *км*, алабынын аянты 157 миң *км*²ден ашык. Токойлуу Карпаттан (СССР) башталып, Орто Дунай түздүгү аркылуу агат. Кар ж-а жамгыр сууларынан куралат. Жазында кирет. Орт. чыгымы (чатында) 820 *м*³/*сек*. Кышкысын тоңот. Кеме жүрөт, сал агызылат. Жээгинде Хуст (СССР), Тисафюред, Сольнок, Сегед (Венгрия) ш-лары жайгашкан.

ТИССЭ Эдуард Казимирович [1(13). 4. 1897, Лиепая — 18. 11. 1961, Москва] — сов. оператор. РСФСР ж-а Латыш ССРинин иск-вого эмг. сиң. ишмери (1935, 1947). 1940-жылдан КПСС мүчөсү. 1914-ж. кинодо иштеп, алгачкы латыш документ ж-а хроника фильмдерин тарткан. Граждсогушта аскер кабарчы болгон. Ал тарткан В. И. Ленинди сүрөтү «Владимир Ильич Ленин» (1949) деген документ фильмге кирген. Реж. С. Эйзенштейн м-н Г. Александровдун фильмдерине операторлук кылган: «Иш таштоо» (1925), «Броненосец „Потёмкин"» (1925), «Октябрь» (1927), «Александр Невский» (1938), «Эльбадагы жолугушуу» (1949), «Композитор Глинка» (1952) ж. б. Т. үчүн массалык көрүнүштү табигый шартта тартуу чеберчилиги мүнөздүү. 1921-жылдан ВГИКте сабак берген (1943-ж. проф.). СССР мамл. сыйл. (1946, 1949, 1950) лауреаты. Эки Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

ТИТАН (лат. Titanium), Ti — Менделеевдин мезгилдик системасынын IV тобундагы хим. элемент, ат. н. 22, ат. м. 47,90. Табияттагы Т. туруктуу 5 изотоптун аралашмасынан турат. Жасалма радиоактивдүү изотоптору да белгилүү. Жер кыртышында кеңири таралган (массасы б-ча 0,57%). Т.— ак түстүү, жеңил, коррозияга туруктуу, серпилгич, бекем металл. Ал эки модификацияда (аморфтук ж-а кристаллдык) жолугат. Кристаллдык Т-дын эрүү t 1668°С, кайноо t 3227°С, тыгыз. 4,505 *г/см*³ (20°С). Бирикмелеринде 2, 3, 4 валенттүү. Т. O_2, N_2, H_2 ж-а С м-н жог. темп-рада катуу эритмелерди берет. Азот ж-а суюлтылган күкүрт к-тасына туруктуу. Туз к-тасы ж-а ысык орг. к-талар м-н реакцияга кирет. Титан көп кычкылы TiO_2 м-н жегичти эриткенде титан к-таларынын туздары — титанаттар пайда болот. Титан тетрахлоридин Mg м-н калыбына келтирүүдөн алынат. Т. көбүнчө авиация, ракета техникасында, бекем титан куймаларын алууда, радиоэлектроникада, кагаз, боёк ө. ж-нда колдонулат.

ТИТАН КУЙМАЛАРЫ — негизи титан болгон куймалар. Т. к. жеңил, криоген (—250°С) темп-расынан жогорку (300—600°С) темп-рага чейинки интервалда өтө бекем ж-а коррозияга туруктуу болгондуктан көп тармакта (авиация, машина куруу ж. б.) конструкциялык материал катары колдонулат. Т. к. титанга төмөнкү элементтерди көшүп эритүү м-н алынат (машаадагы сан күймага көшүлгөн элементтердин %): Al(8), V(16), Mo(30), Mn(8), Sn(13), Zr(10), Cr(10), Cu(3), Fe(5), W(5), Ni(32), Si(0,5); кээде Nb(2) ж-а Ta(5) көшүлат. Ө. ж-лык Т. к. α-структуралуу, эки фазалуу α+β куйма ж-а β-структуралуу болуп айырмаланат. Булардын ар бири өзүнчө мех., хим. ж-а ар кандай касиеттерге ээ болот. Алар касиеттери б-ча хим. ж-а мех. болуп болунөт.

ТИТАН РУДАЛАРЫ — составында болуп алууга экон. жактан арзырлык өлчөмдөгү титан металлы бар минералдардын жаратылыштагы чогундусу. Негизги минералдары: ильменит ($FeTiO_3$ 43,7—52,8%), рутил, анатаз ж-а брукит (94,2—99,0%), лейкоксен (56,3—96,4%), липарит (38,7—41,0%), титанит (33,7—40,8%), перовскит (38,7—58,9%) ж-а титан-магнетит. Т. р. пайда болуш шартына карай магма, экзоген ж-а метаморфоген кендери болуп ажыратылат. Магма кендери ультранегиздүү, негиздүү ж-а жегичтүү тоо тектер м-н байланыштуу. Составында TiO_2 7—32%ке чейин. Ири кендери СССР, Канада, АКШ, Норвегия, ТАР, Индияда бар. Т. р-ның экзоген кендери талкаланды кыртыштардын аллювий, делювий, элювий чөкмөлөрүндө көп чачындысы катары учурайт. Кени СССРде, Австралияда, Индияда, Бразилияда ж. б. жерлерде белгилүү. Метаморфоген кендери кумдук, амфиболит, гнейс ж-а хлориттүү сланец ж. б. тоо тектерде кабат же тарам түрүндө учурайт. Мында ө. ж. маанисиндеги концентрациясы 12,2%ке чейин. Т. р-ның жалпы запасы капит. ж-а онтүш жаткан өлкөлөрдө 660 млн тга жакын.

ТИТИКАКА — Түш. Америкадагы эң ири көл. Борб. Анд тоолорундагы тектоникалык чуңкурдукта. Жер шарындагы бийик тоолуу көлдөрдүн эң ириси (3812 *м* бийикте). Аянты 8300 *км*², тереңд. 304 *м*ге чейин. Көл — байыркы ири көлмөнүн калдыгы. Жээгинде булуң-буйтка көп. Түн.-чыгышы ж-а түш.-батышы тоолуу, тик. Көлгө көптөгөн дарыя куюп (эң ириси Рамис), Десагуадеро д. агып чыгат. Орточо бөлүгүндө суунун бетинин темп-расы туруктуу (11—12°С). Мартта деңгээли көтөрүлүп, майдан декабрга чейин төмөндөйт. Суунун хим. составы океандыкына жакын. Балык кармалат. Кеме жүрөт. Маанилүү шаары ж-а порту — Пуно (Перу).

ТИТО, Б р о з Т и т о Иосип (25. 5. 1892-ж. т., Хорватия, Кумровец) — Югосл-яның ж-а эл аралык жумушчу кыймылынын ишмери, ЮСФРдин саясий ж-а мамл. ишмери, маршалы (1943), Югосл-яның эки жолу Элдик Баатыры (1944, 1972) ж-а Соц. Эмг. Баатыры (1950). Дыйкан үй-бүлөдөн. 1910-ж. Хорватия ж-а Словения С.-д. партиясына кирген. 1913-жылдан армияда. Биринчи дүйн. согушта Россияда туткунга түшүп (1915), рев-ячыл иштерге катышкан. 1920-ж. Югосл-я компартиясына (ЮКП) кирген. 1928—34-ж. сүргүндө болгон. 1934-жылдан ЮКП БКнын ж-а аның Саясий бюросунун мүчөсү. 1940-ж. октябрдан ЮКП БКнын ген. секретары. 1941—45-ж. Югосл-я элдик-бошт. армиясынын ж-а партизан отряддарынын жог. башкы командачысы. 1945-ж. мартта Югосл-я Демократия Федерациясынын куралдуу күчтөрүнүн жог. башкы командачысы, коргоо министри ж-а Мин. Советинин пред-ли болуп дайындалган. 1945-ж. августтан Элдик фронттун, 1953—63-ж. ЮФӘРдин Союздук аткомунун пред-ли, 1952-жылдан Югосл-я коммунистер союзунун (ЮКС) ген. секретары (1966-жылдан пред-ли), 1974-жылдан ЮКСтин түбөлүк пред-ли, 1953-жылдан (1974-жылдан түбөлүк) өлкөнүн президенти. ЮСФРдин куралдуу күчтөрүнүн жог. башкы командачысы. Т. Югосл-яның көп ордени, Ленин ордени (1972), «Женишь» (1945), 1-дараж. Суворов (1944), Октябрь Революциясы (1977) ордендери, дагы башка өлкөлөрдүн ордендери м-н сыйланган.



И. Б. Тито.



А. А. Титов.



Г. С. Титов.



Ф. С. Титов.

ТИТОВ Андрей Алексеевич (24. 6. 1905-ж. т., Жети-Суу обл., Каракол у., азыркы Жети-Өгүз р-ну, Покровка кыш.) — Сов. Союз. Баатыры (1944), гвардиянын ефрейтору. Сов. Армияга 1942-ж. Ысык-Көл обл-ның Жети-Өгүз р-ндук аскер комиссариатынан чакырылган. 1942-жылдан Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) 60-гвард. аткчандар полкунун 4-эскадронунун танкага каршы куралынын наводчиги. 1943-ж. 18—19-сентябрда Чернигов ш-н алышкан. 27-сентябрда Днепрдин батыш жээгине өтүп, эскадрондун флангасын душмандын көл салуу коркунучунан сактаган. Виле хутору үчүн салгылашта 3 пулемёт очогун, 28—29-сентябрда 2 танканы ж-а өзү жүрүүчү замбиректи кыйраткан. Т. 1943-жылдын 18-сентябрынан 2-октябрына чейин душмандын 29 солдат ж-а офицерин жок кылган. 1944-ж. демобилизацияланып, Жети-Өгүз р-нундагы Киров атн. к-зго кайтып келген. Азыр Покровка кыш-нда жашайт.

Ад.: Санников В., Семёнков В., Родинанын данкы үчүн, Фр., 1970.

ТИТОВ Герман Степанович (11. 9. 1935-ж. т., Алтай крайы, Верхнее Жилино кыш.) — СССРдин учкуч-космонавты, генерал-лейтенант (1978), Сов. Союз. Баатыры (9. 8. 1961). 1961-жылдан КПСС мүчөсү. 1957-ж. Сталинград аскер авиац. окуу жайын бүтүп, Ленинград аскер округунда кызмат өтөгөн. 1960-жылдан космонавттар отрядында. 1961-ж. «Восток-2» космос кемеси м-н космосто учуп, Жерди 17 жолу айланып, 700 миң *км*ден ашык аралыкты өткөн. 1968-ж. Н. Е. Жуковский атн. Аскер-аба инженер академиясын, 1972-ж. Генштабдын К. Е. Ворошилов атн. Аскер академиясын бүткөн. СССР Жог. Советинин (6—7-шайл.) депутаты. Эки Ленин ордени, медалдар, о. эле чет элдик көп орден м-н сыйланган. Т.— Болгар Эл Республикасынын Соц. Эмг. Баатыры, ВСРдин Эмгек Баатыры, МЭРдин Баатыры, Айдагы кратерге Т-дун аты коюлган.

Э м г.: Семнадцать космических ворь, М., 1963; Голубая моя планета, М., 1973.

ТИТОВ Федор Степанович (1913, Воронеж обл., Гольский кыш.— 1963, Аламүдүн р-ну, Стрельникова кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1953). 1939-жылдан КПСС мүчөсү. 1931-жылдан Кыргыз ССРинин «Аламүдүн» асыл тукум с-аунда бадачы-бригадир. Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. Аның бадасындагы 24 үйдан 1952-ж. 5780 *кг*дан сүт саалган. Үйдүн жакы алатоо породасын чыгарууга катышкан. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери м-н сыйланган.

ТИТР (кинодо) — фильмдеги жазуу. Кирин Т. (фильмдин аты, фильм түзүдө негизги катышуучулар тизмеси, чыккан жылы ж. б.) ж-а фильм ичиндеги Т. болуп болунөт. Фильмди чет тилдерде көрсөтүүдө диалогдордун кыскача которулган кадр астындагы жазуусу — *субтитр* колдонулат.

ТИТРИМЕТРИЯЛЫК АНАЛИЗ — *сан анализинин* методу. Ал аныкталуучу зат м-н реакцияга толук кирген реактивдин белгилүү концентрациядагы эритмесинин көлөмүн чөнөөгө негизделген. Реактивдин белгилүү концентрациядагы эритмеси стандарттуу же жумушчу эритме деп аталат. Титрлоодо аныкталуучу зат м-н жумушчу эритменин өз ара толук реакцияланышкан учуру эквиваленттик чекитти билгизет. Бул учур индикатордун же физ.-хим. аппараттардын жардамы м-н билинет. Эквиваленттик учурда сарп кылынган жумушчу эритменин көлөмү ж-а аның концентрациясы аркылуу аныкталуучу заттын саны төмөнкү формула б-ча эсептелет: $P=0{,}001 \cdot N \cdot V \cdot Э$, мында P — аныкталуучу заттын саны (массасы), N — жумушчу эритменин нормалдуулугу, V — көлөмү *(мл)*, Э — аныкталуучу заттын *грамм-эквиваленти*.

ТИТРЛӨӨ — реактивдин белгилүү концентрациядагы эритмесин аныкталуучу заттын эритмесине бюреткадан эквиваленттик учурга чейин тамчылатып кошууга негизделген көлөмдүк анализдин ыкмасы, к. *Титриметриялык анализ, Электр-химиялык анализ методдору*.

ТИТУЛ (лат. titulus — жазуу; ардак наам) — 1) мураска калтырылчу же бөтөнчөлүү, артыкчылык абалын баса көрсөтүү үчүн айрым адамдарга берилчү ардак наам (мис., граф, герцог, төрө, баатыр). Катмарлуу феод. коомдо кеңири тараган. Айрым бүрж. өлкөлөрдө (мис., Улуу Британияда) азыр да бар. Россияда Т. Окт. рев-ясы жеңгенден (1917) кийин жоюлган. 2) Бүрж. укукта кандайдыр бир укуктун, мис., соода-сатык, тартуулоо укугунун негизделиши. 3) Кандайдыр бир окуу жайды бүткөну ж-дөгү аттестат, диплом м-н бирге кийгизилүүчү атак. 4) Титулдук тизме. 5) Полиграфияда бет ачар барак — титулдук барак дегет.

ТИТУЛДУК ТИЗМЕ СССРде — *капиталдык салым* планына киргизилүүчү курулуш ж-а реконструкциялоо (кеңейтилип) жаткан объектилердин аттарынын санагы. Т. т. курулуштун атын ж-а ордун, башталар ж-а бүтөр жылын, долбоор кубаттуулугун, смета наркын камтыйт. Ага пландоо мезгилинин башталышында долбоору ж-а сметасы бекитилген гана курулуш киргизилет. Т. т. СССР эл чарбасын пропорциялап өркүндөтүүгө, аның ичинде ө. ж-дын келечектүү тармактарынын ыкчам өсүүсүнө, ишке берилүүчү объектилерге акча ж-а курулуш ресурстарын топтоого, капитал салымдарынын экон. натыйжалуулугун арттырууга ж-а *курулуш* мөөнөтүн кыскартууга көмөк берет. Курулуштун мүнөзүнө ж-а наркына жараша Т. т. СССР Мин. Совети, союздаш респ-калардын Мин. Совети, СССР мин-волору ж-а ведомстволору, ВЦСПС ж. б. тарабынан бекитилет.

ТИФ (гр. týphos — түтүн, туман, көңүл карангылоо) — эт ысыш, эс-акылын жоготуу м-н мүнөздөлгөн жугуштуу оорулардын жалпы аты, к. *Ич келте, Кайталанма келте, Баш келте*.

ТИФЛИС — *Тбилиси* ш-ның 1936-жылга чейинки аты.

ТИФЛОПЕДАГОГИКА (гр. typhlós — сокур ж-а *педагогика*) — дефектологиянын көзү майыптарды (тубаса сокурлар, начар көргөндөр, дүлөй-сокурлар ж. б.) тарбиялоо, билим берүү, эмгекке даярдоо маселелерин иликтеген тармагы. Сокурлар үчүн мектепти адегенде Т-ны негиздөөчү франц. педагог В. Гаюи (1784-ж. Парижде) ачкан. Сокурлар үчүн мектепте Л. Брайлдын рельеф-чекит системасы б-ча начар көргөндөр үчүн мектепте ири арипгер м-н басылган окуу китептери ж. б. ад-ттар колдонулат. Сов. Т. марксчыл-ленинчил педагогиканын жалпы принциптерине таянат. Сов. Т-ның борбору — СССР ПИАнын Дефектология ил. из. ин-ту.

ТИФУЛЕЗ — Typhula уруусундагы козу карын пайда кылуучу өсүмдүк илдети. Илдетке беде, буудай ж. б. чалдыгат. Көбүнчө климаты нымдуу аймактарда жолугат. Беде Т-у белдеги ар кандай түрүндө кездешет. Илдетке беде себилген жылы күзүндө чалдыгып, кийинки жылдары начар өсүп, жалбырагы кууран, түшүмү азаят. Күрөшүү чаралары: беде үрөнүн тазалоо, эгүү алдында дарылоо, саадуу жерди кургатуу ж. б. Илдеттен чүчүгөн күздүк буу-



А. Н. Тихонов.



Г. М. Тихонов.



Н. А. Тихонов.



Н. С. Тихонов.



Тициан.

дайдын өңү кара көк тартын, сабагы оцой жулунат. Буудай илдетке көбүнчө күзүндө, кээде жазында чалдыгат. Күрөшүү чаралары: терең коцтормо айдоо, жазгы малалоо, отоо чөптөрдү жок кылуу.

Ад.: Горленко М. В., Сельскохозяйственная фитопатология, М., 1968.

ТИХВИН — Ленинград обл-ндагы шаар. Автомобиль ж-а т. ж. тоому. Калкы 56,2 миң (1979). Т-дө металлургия, ширетилген металл конструкция, «Кировский завод» трактор өндүрүш бирикмеси, токой шттетүүчү, токой-химия ж. б. ө. ж. ишканалар бар. Т. 1383-ж. негизделген. Т. 1-дараж. Ата Мекендик Согуш ордени м-н сыйланган (1974).

ТИХВИН СУУ СИСТЕМАСЫ Волганы Балтика дениз м-н туташтырат. Рыбинск суу сактагычынан баштalып, Чагодоща, Горюн, Сомнинка д-ларынан ары Тихвин байланыштырғыч каналы, Тихвин, Сясь д-лары, Ладога көлү ж-а Нева д. аркылуу өтөт. Т. с. с-ндагы кыймыл 1811-ж. ачылган. Жерг. кеме катнашы үчүн пайдаланылат. Бул системанын төменкү бөлүгү *Волга-Балтика суу жолуна* кошулган.

ТИХОМИРОВ Михаил Николаевич [19 (31). 5. 1893, Москва — 2. 9. 1965, ошол эле жер] — сов. тарыхчы, СССР ИАнын акад. (1953; корр. мүчө, 1946). Москва ун-тинин тарых-филол. ф-тетин бүткөн (1917). 1934-жылдан МГУнун тарых ф-тетинде ж. б. жог. окуу жайларда, 1935-жылдан СССР ИАнын Тарых ин-тунда, кийин Славян таануу ин-тунда иштеген. 1953—57-ж. СССР ИАнын Тарых илимдер бөлүмүндө академик секретарь; 1956-жылдан Археографиялык комиссиянын пред-ли. Т-дун негизги эмгектери Россиянын, СССР элдеринин, ө. эле Византия, Сербия тарыхына, жалпы славян маселелерине ж. б-га арналган. Т.— палеография б-ча белгилүү адис. Т. жыйнаган сейрек кол жазмалар СССР ИАнын Сибирь бөлүмүнө берилген. 1959-жылдан Польша ИАнын анык мүчөсү. Ленин ордени, 2 Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Российское государство XV—XVII вв., М., 1973; Древняя Русь, М., 1975.

Ад.: М. Н. Тихомиров. Материалы к биобиблиография учёных СССР, М., 1963.

ТИХОНОВ Андрей Николаевич [17 (30). 10. 1906-ж. т., Гжатск, азыркы Смоленский обл., Гагарин ш.] — сов. математик ж-а геофизик, СССР ИАнын акад. (1966; корр. мүчө, 1939), Соц. Эмг. Баатыры (1953). МГУну бүтүргөн (1927), ошондо окутуучу (1936-жылдан проф.), СССР ИАнын Колдонмо математика ин-тунун директоруна орун басар (1953). Анын алгачкы эмгеги топология ж-а функциялык анализге арналган. Ал топология мейкиндигинин көбөйтүндүсү түшүнүгүн киргизген («Тихонов көбөйтүндүсү», 1926), ө. эле анын дифференциал теңдемелер теориясы, матем. физика, геофизика, эсептөө математикасына арналган эмгектери бар. СССР мамл. сыйл. (1953, 1976), Лениндик сыйл. (1966) лауреаты. Беш Ленин ордени, башка 4 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Уравнения математической физики, 4 изд., М., 1972 (совм. с А. А. Самарским); Теория функций комплексной переменной, 3 изд., М., 1974 (совм. с А. Г. Свешниковым).

ТИХОНОВ Григорий Матвеевич (1912, Казак ССРи, Кокче-Тоо обл., Рузаевский р-ну, Семёновка кыш.— 13.2. 1944, Мозырь ш.) — Сов. Союз. Баатыры (1944), ст. лейтенант. 1940-жылдан КПСС мүчөсү. Согушка чейин Кырг-ндын Кайынды станциясында турган. 1933-ж. Сов. Армияга чакырылып, Свердловскидеги аскердик саясий составдык мектепти бүткөн. Ст. саясий жетекчи Т. Совет өлкөсүнүн чегин коргоп, беш жыл кызмат кылган. Аскерден кийин Кырг-нга келгенде 1940-ж. Фрунзе ш-дык аскер комиссариаты тарабынан кайра Сов. Армияга чакырылып, согушта 62-гвардиялык атчандар полкунун 3-кылыччан эскадронунун командири болгон. 1943-ж. сентябрда Днепрден өтүп, плацдармды кеңейтүүгө билгичтик м-н командалык кылган. Кызыл Жылдыз, Александр Невский ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

ТИХОНОВ Николай Александрович [1(14). 5. 1905-ж. т., Харьков] — советтик мамл. ж-а парт. ишмер. Соц. Эмг. Баатыры (1975). 1940-жылдан КПСС мүчөсү. Кызматчынын үй-бүлөсүнөн. Эмгек жолун 1924-ж. паровоз машинистинин жардамчысы болуп баштаган. Днепропетровск металлургия ин-тун бүтүп (1930), инженер-тех. кызматта иштеген. 1933—37-ж. Днепропетровск ж-а Первоуральск з-ддорунда цех начальниги, баш инженер. 1947—50-ж. Никополдогу Южнотрубa з-дунда директор. 1950—55-ж. СССР кара металлургия министрлигинин башкармасынын начальниги, 1955—57-ж. министрлигинин орун басары. 1957—60-ж. Днепропетровск эл чарба советинин пред-ли. 1960—63-ж. СССР Мин. Советинин мамл. ил.-экон. советинин пред-лине орун басар — СССР министри. 1963—65-ж. СССР мамл. пландоо комитетинин пред-лине орун басар— СССР министри. 1965-жылдан СССР Мин. Советинин пред-лине орун басар, 1976-жылдан биринчи орун басар. КПСС БКнын мүчөлүгүнө кандидат (1961—66), 1966-жылдан мүчөсү, 1978-ж. КПСС БКнын Саясий бюросунун мүчөлүгүнө кандидат, 1979-жылдын ноябрынан мүчөсү СССР Жог. Советине (5—10-шайл.) депутат. СССР мам. сыйл. лауреаты (1943), 1951). Жети Ленин ордени, башка 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

ТИХОНОВ Николай Семёнович [22. 11(4. 12). 1896, Петербург — 10. 2. 1979, Москва] — орус совет жазуучусу, коомдук ишмер, Соц. Эмг. Баатыры (1966). Биринчи дүйн., Гражд., Улуу Ата Мек. согуштарга катышкан. 1920-ж. биринчи поэмасы («Сами») жарыяланган. «Бетме-бет» (1924), «Киров биздин арабызда» (1941; СССР мамл. сыйл., 1942) поэмалары м-н «Ленинград согушууда» (1942) очерктеринде Лениндин образын түзүп, рев-ялык салттардын олбос-очпестүгүн даңазалайт. Т-дун поэмасы м-н прозасынын негизин сов. ж-а чет өлкөлүк чыгыш темасы түзөт («Тобокелчи», 1927; «Көчмөндөр», 1931; «Кахетия жөнүндө ырлар», 1935; «Грузия жазы», 1948; СССР мамл. сыйл., 1949; ыр, очерк, аңгеме жыйнактары). Тынчтык, прогресс үчүн сиңирген көп жылдык эмгеги «Достун көлөкөсү» (1936), «Эки агым» (1951; СССР мамл. сыйл., 1952), «Тынчтыкты жактоочулардын Бүткүл дүйнөлүк экинчи конгрессинде» (1953) ыр циклдери м-н бир топ прозалык чыг-ларында чагылдырылган. «Алты колонна» (1968) аттуу романы үчүн Лениндик сыйлык берилген (1970). Т.— коомдук, саясий макалалардын автору. Чыгылары көп тилге которулган. Тынчтыктын бүткүл дүйн. советинин мүчөсү, СССР Жог. Советине (2—9-шайл.) депутат. «Элдер ортосунда тынчтыкты чыңдаганы үчүн» Лениндик сыйл. лауреаты (1957). Үч Ленин ордени, Октябрь Революциясы ордени, башка 4 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Собр. соч., т. 1—6, М., 1958—59; Собр. соч., в 7 тт., т. 1—6, М., 1973—76; Ырлар, Фр., 1956; Биринчи самолёт, Фр., 1964; Алты колонна, Фр., 1976.

Ад.: Гринберг И. Л., Творчество Николая Тихонова, М., 1958; Турков А. М., Николай Тихонов, М., 1960.

ТИЦИАН (оз аты-жөнү Тициано Вечеллио, 1476/77 же 1480, Пьеве-ди-Кадоре, Венеция — 27. 8. 1576, Венеция) — италиян живописчиси, Жог. ж-а соцку *Кайра жаралуу* доорундагы венеция мектебинин ири өкүлү. Ж. Беллини м-н *Жоржонеден* таалим алган. 1510-жылдын орто ченинен Т-дун чыг-лыгы калыптана баштаган. Т. негизинен Венецияда, о. эле Падуяда (1506), Феррарада (1516 ж-а 1523), Мантуяда (1536—37), Урбинодо (1542—44), Римде (1545—46) ж-а Аугсбургда (1548 ж-а 1550—51) эмгектенген. Кийин Венециянын жог. маданий чөйрөлөрү м-н байланышып, Кайра жаралуунун гуманисттик идеяларын өз чыг-ларында ишке ашырган: «Бул дүйнө менен аркы дүйнө махабаты» (1515—16, Рим, Боргезе гал.), «Кол капчан өспүрүм» (1520, Париж, Лувр), «Вакх менен Ариадна» (1523, Лондон, Улуттук гал.) ж. б. Т. бир катар мифтик композицияларды жараткан. Алар: «Мариям көкөлөтүү» (1516—18, Венеция, Санта-Мария, Глориоза ден Фрари чиркөөсү), «Храмга киргизүү» (1534—38; Венеция, Академия гал.) ж. б. Анын чыгылары композициялык курулушу жактан динамикалуулугу, түстөрүнүн жеткиликтүү териштирилиши м-н айырмаланат. Т. 1540-жылдан негизинен портрет жанрында эмгектенип, адамдардын татаал психол. абалын ж-а өз ара мамилелерин ачкан.


«Ыйык Себастьян». 1570-ж. чен. Эрмитаж. Ленинград.



Мис., адамдын чөйрө м-н болгон карылышы «Пьетро Аретино» (1545, Флоренция, Палатина гал.), «Папа Павел III Алессандро жана Оттавио Фарнезе менен» (1545—46, Неаполь, Улуттук музей ж-а Каподимонте гал.), «Карл V» (1848, Мюнхен, эски пинакотека) ж. б. 16-к-дын ортосунан Т-дын чыг-лыгында мифологиялык ж-а диний тема («Автопортрет», Прадо; «Лавиния», Берлиндеги музей, экөө тең 1560-жылдар) басымдуулук кылган. Т. өзүнүн бүтүндөй чыг-лык жолунда гуманизм идеалына, акылдын жеңишине ишеними сакталып калган. Айрым эмгектери дүйн. сүрөт өнөрүнүн ири жетишкендиктеринин бири болуу м-н өзүнөн кийинки сүрөтчүлөрдүн чыг-ларына зор таасир тийгизген.

Ад.: Смирнова И. А., Тициан и венецианский портрет XVI века, М., 1964; её же, Тициан. (Альбом), М., 1970; Лазарев В. Н., Поздний Тициан, в его кн.: Старые итальянские мастера, М., 1972, с. 403—45.

ТИШ—кишинин ж-а көчүлүк омурткалуу жаныбарлардын ооз көңдөйүндө жайгашып, тиштеп кесүү, кармоо ж-а азыкты майдалап чайноо милдетин аткаруучу соектүү түзүлүш. Т.



Кишинин тиши (үстүңкү жаак): *1* — кашка; *2* — кылыйма; *3* — кичине азуулар; *4* — чоң азуулар.

анат. 3 бөлүктөн (Т. кабы, Т-тин ичке жери ж-а Т. дүмүрчөгү) турат. Киши Т-инин негизги массасын дентин түзүп,сырты эмаль м-н капталат, ал эми жаныбарлар Т-инин ичке жери ж-а дүмүрчөгү цемент м-н капталган. Т-тин ич көңдөйүндө кан тамыр, перв талчаларга бай жумшак зат (пульпа) болот. Көпчүлүк омурткалууларда Т. эскирген сайын түшүп, ордуна жаңы Т. чыгат. Оймок ооздууларда өзгөчө мүйүз Т. өөрчүйт, алар жаактуулардын Т-ине окшош эмес. Балыктардын Т-и ооз көңдөйүндө, бакалоор догосунда жайгашат. Жерде-сууда жашоочулардыкы ооз көңдөйүнүн сөөктөрүндө, сойлоочулардын Т-и көбүнчө жаакта өсөт. Азыркы куштардын Т-и жок. Сүт эмүүчүлөрдүн Т-и жаактагы тиш уясында (альвеоласында) жайгашкан. Ооз көңдөйүнүн бет алдындагы маңдайкы Т-тер көзөч формада келип, азыкты тиштеп кесүү; кылкыйма Т. конус формасында болуп, азыкты кармоо, жулуу (жырткычтарда) ж-а коргонуу милдетин аткарат. Кийинки Т-тер — азуулар азыкты майдалайт. Булар аткарган милдетине жараша бирдей өөрчүбөйт. Мис., жырткычтардын кылкыйма Т-и., кемирүүчүлөрдүн маңдай Т-и ж-а азуулары жакшы өөрчүгөн. Түрдүү жаныбарлардын Т-тери ар түрдүү санда (мис., жырткычтарда 44, дельфиндерде 250-дөй) болот.

Кишинин Т-и тамак чайноо, тиштеп кармоодон башка айрым тыбышты айтууда чоң роль ойнойт, о. эле беттин сырткы көрүнүшүнө да таасир этет. Т. жаакта дого сымал тизилип жайгашкан. Т-тин ичке жерин бүйлө кармайт. Сүт Т. (ар бир жаакта 10дон) ж-а туруктуу Т. (ар бир жаакта 16дан) болуп болунот. Т-тер түйүлдүктүн өөрчүү мезгилинин 5-жумасында калыптана баштайт. Бала төрөлгөндө 20 сүт Т-и жаактын альвеолаларында жатат. Көэ бир туруктуу Т-тер түйүлдүктүн өөрчүү мезгилинде эле түзүлөт. Адамдын өмүрүндө Т. эки жолу чыгат. Организмге жагымсыз факторлордон, о. эле ички органдардын ооруларынан тиш оорулары пайда болот.

Ад.: Зубов А. А., Одонтология, М., 1968.

ТИШ ООРУЛАРЫ — тиштин катуу ж-а жумшак тканынын оорусу, к. *Кариес, Пульпит, Пародонтоз, Периодонтит, Тиштеги таш.*


ТИШ ӨЛЧӨГҮЧ АСПАП (техникада) — тиштүү кыймыл өткөргүчтөрдү өлчөгүч курал. Бул топко кээде тиш чыгаргыч аспапты өлчөгүч ж-а тиш шттеткич аспапка орнотулуучу карагаттар да кирет. Т. ө. а. м-н цилиндр дөңгөлектөр, конус дөңгөлектөр, червяктар ж-а червяктуу фрезалар өлчөнөт. Майда модулдуу (модулу 1 ммге чейин) дөңгөлектөрдү өлчөгүч аспаптар өзгөчө топту түзөт. Т. ө. а. дөңгөлектөрдүн белгилүү шттөө касиетин — кинематикалык тактыгын, жылма иштешин, толук тийишин ж-а капталдык көңдөйүн аныктайт. Универсал аспаптар м-н дөңгөлектүн бир нече параметрлери текшерилет. Т. ө. а. станоктук ж-а дөңгөлектүн үстүнө коюлма, дөңгөлөккө же станокко кошо коюлма болушу мүмкүн.

ТИШТЕГИ ТАШ — тиштердин сыртында, арасында, айрыкча четтеринде ж-а бүйлөнүн алдында пайда болгон катуу катмар. Ал орг. эмес ж-а орг. заттардан турат. Т. т-тын пайда болушуна ооздун ичин, тишти начар күтүү, организмде минерал алмашуунун бузулушу, ооз көңдөйүндөгү органдардын сезгениши ж. б. себепкер. Т. т. бүйлөнү жоорутуп, дүүлүктүрүү канатат; өнөкөт ооруларга — бүйлөнүн капан сезгенишине *(гингивит), пародонтозго* алып келет. Т. т-ты пайда болтурбас үчүн катуу тамак-аш, жемишти көп жеп, оздук гигиенаны сактоо зарыл.

ТИШТҮҮ ДӨҢГӨЛӨК — тиш салынган цилиндр же конус түрүндөгү алкак; *тиштүү кыймыл өткөргүчтүн* негизги тетиги. Цилиндрлүү Т. д-түн тиштери тышында же ичинде болушу мүмкүн. Тиштин формасы тик бурама сыяктуу, бурчтуу ж-а ийри түрдө болот. Тиштин түспөлү көбүнчө эвольвента, кээде циклоида б-ча жасалат. Т. д. кээде шестерня деп да аталат. Т. д-түн конструкциясы анын аткаруучу ишине, өлчөмүнө ж-а даярдалуу ыкмасына жараша аныкталат. Т. д-ту жасоодо негизги колдонулуучу материал — *легирленген бо-*

лот, чоюн, пластмасса *(текстолит,* полиформальдегид ж. б.).

ТИШТУУ КЫЙМЫЛ ӨТКӨРГҮЧ — тиштүү доңголоктордон (рейкадан) турган валдардын ортосундагы айланма кыймылды берүүчү ж-а айлануу жыштыгын өзгөртүүчү механизм. Т. к. ө. параллель октуу — цилиндр түрүндө ж-а кесилишкен октуу — конус түрүндө, кайчылаш октуу—тиш бурамалуу болуп бөлүнөт (к. сүрөт).



Цилиндр доңголоктуу тиштүү кыймыл өткөргүч: *а* — түз тиштүү; *б* —кыйгач тиштүү; *в* — конус түрүндөгү тиштүү; *г* — тегерек тиштүү.

Т. к. ө-түн айрым учуру — тиштүү рейкалуу кыймыл өткөргүч. Машина айлануу кыймылы алга жылуу кыймылына же тескерисинче өзгөртүлөт. Сыртқы бетиндеги тиштери м-н илинишме Т. к. ө. көбүрөөк, ал эми ички бетиндеги тиштери м-н илинишме Т. к. ө. аз колдонулат. Иштөө шартына жараша тик бурчтуу, кыйгач бурчтуу ж-а тегерек тиштүү доңголоктор жасалат. Машина ж-а механизмдерде берүү саны туруктуу болгон Т. к. ө-тор колдонулат. Т. к. ө. мех. кыймыл өткөргүчтүн абдан рационалдуу ж-а көп тараган түрү. Тиштүү илинишүүнүн түрү б-ча Т. к. ө. цилиндрлик, конустук, червяктуу, винттүү, гипоиддүү ж. б. болуп айырмаланат. Ал жөнөкөй бир баскычтуу кыймыл өткөргүчтөн баштап татаал дифференциал механизмдерде, редукторлордо, бурчтук ж-а толгоо моменттерин өзгөртүү үчүн колдонулат.

Лит.: Часовников Л. Д., Передачи зацеплением, М., 1969.

ТИШ ЧЫГАРГЫЧ АСПАП, к. *Тиш чыгаргыч станок.*

ТИШ ЧЫГАРГЫЧ СТАНОК — тиштүү доңголоктордү, тиштүү рейкаларды жасоочу металл кескич станок. Кесүүчү аспабына жараша тиш фрезерлегич, тишти оюп чыгаргыч, тишти жонуп чыгаргыч, тишти таза иштеткич ж. б. станоктор деп айырмаланат. Т. ч. с-то тиштер айланма ж-а көчүрмө методдор м-н чыгарылат. Айланма методдо тиш чыгаргыч аспаптын кескич тиштеринин туура кесилиши түз сызыктуу (червяктуу, фреза, рейка) же аспап тиштүү доңголоктун өзүндөй эле болот (тегерек ойгуч). Тиш чыгаруу процессинде рейка м-н тиштүү доңголок же эки тиштүү доңголоктор илинишет. Көчүрмө методдо кескич аспаптын тишинин туура кесилишинин формасы тиштүү доңголоктун эки тишинин ортосундагы сайдын формасындай болот. Өндүрүштө айланма методу көбүрөөк тараган, аны иштетүү тактыгы да жогору. Тиш фрезерлегич станокто цилиндр формасында түз же буралган тиштүү, шеврон тиштүү, червяктуу доңголоктор жасалат. Кескич аспабы — червяктуу фреза. Тишти оюп чыгаргыч станокто цилиндр формасындагы түз ж-а бурама тиштүү (тышкы ж-а ички) доңголоктор, шлицтүү валдар даярдалат. Кескич аспабы — тегерек ойгуч. Бул методдун тиш фрезерлегичке караганда үнөмдүүлүгү эки эсеге аз. Тишти жонуп чыгаргыч станокто түз тиштүү ж-а ийри тиштүү конус доңголоктор жасалат. Тишти таза иштеткич станокко шевингалагыч, жылмалагыч, хонингдегич, эгештегич, тишти кырын мокоткуч станоктор кирет.

Лит.: Балакшин В. С., Основы технологии машиностроения, М., 1969.

ТИЩЕНКО РЕАКЦИЯСЫ — альдегиддерге алюминий алкоголяттарын таасир этип, татаал эфирлерди алуу реакциясы: $2RCHO(R'O)_3Al\ RCOOCH_2R$ (R — алкил же арил). Т. р. ө. ж-да ж-а лабор-яда татаал эфирди синтездөөдө колдонулат. Реакцияны 1906-ж. сов. химик В. Е. Тищенко ачкан.

ТКАНДАР — көп клеткалуу жаныбарлар м-н өсүмдүктөрдөгү пайда болушу, түзүлүшү, аткарган кызматы окшош клеткалардан ж-а клетка аралык заттардан турган системалар. Т. морфол. ж-а физиол. өзгөчөлүктөрүнө жараша классификацияланат. Жаныбарлар ж-а кишинин Т-ы эпителий, тутумдаштыргыч, булчуң ж-а нерв Т-ы болуп 4кө бөлүнөт. Эпителий ткаңы же эпителий денеинин ж-а ички органдардын сырткы ж-а ички беттерин каптап турат. Жайгашкан органына жараша коргоо, бөлүп чыгаруу ж-а соруу кызматтарын аткарат. Тутумдаштыргыч тканларга түзүлүшү ж-а кызматы б-ча бири биринен айырмаланган бир нече Т. (кан, кадимки тутумдаштыргыч Т., кемирчек, сөөк) кирет. Бирок алар тегинин бирдиги (мезенхима) ж-а клетка аралык зат өтө көп болгондугу м-н өз ара окшош. Бул негизинен коргоо, трофиктик (азыктандыруу), газ алмашуу, тирек болуу ж. б. функцияларды аткарат. Булчуң ткандын функциясы — айрым органды же бүт организмди кыймылдатуу. Нерв ткаңы организмдеги бардык Т-дын тиричилик аракеттерин башкарып координациялайт. Чөйрөдөн ж-а органдан келген сигналдарды кабыл алып, аларга жооптү аныктайт. Өсүмдүктүн Т-ы *меристема, паренхима,* өткөргүч, мех., жабуучу, болуп чыгаруучу болуп бөлүнөт. Меристема же түзүүчү ткандын клеткалары көпкө чейин же өсүмдүктүн бүт өмүрү бою бөлүнүп, жаңы клеткаларды пайда кылып турат. *Механикалык ткандар* өсүмдүктүн бардык органдарында учурайт да, алар үзүлүүгө, сынууга туруштук берүүсүн арттырып, өсүмдүккө бекемдикти камсыз кылат. Өткөргүч ткандар тонуректан тамыр аркылуу алынган суюу, минерал заттарды ж-а зат алмашуунун натыйжасында пайда болгон продуктуларды өсүмдүктүн бир жеринен экинчи жерине өткөрөт. Паренхима же негизги ткаңга сабак м-н тамырдагы өзөк, өзөк нурлары, биринчи кабык, жалбырактагы мезофилл, мөмөлөрдүн сулуң ж. б-ны түзгөн клеткалар (паренхима клеткалары) кирет. Жабуу Т-ы өсүмдүк денесинин сыртқы бетин каптап, аны тышкы таасирлерден, ашык буулануудан коргойт. Ички ж-а тышкы секреция бездери болуп чыгаруучу Т. деп аталат. Өсүмдүк Т-ын *өсүмдүк анатомиясы,* жаныбарлардын Т-ын *гистология* изилдейт.

Лит.: Эсау К., Анатомия растений, пер. с англ., М., 1969; Иванов И. Ф., Ковальский П. А., Цитология, гистология, эмбриология, М., 1969.

ТКАНЬ МЕНЕН ДАРЫЛОО — терини же көз конъюнктивасынын астына жаныбарлардын же өсүмдүктөрдүн тканын же алардан алынган препараттарды киргизүү (тигип коюу же чачыратуу) методу. Бул ыкманы В. П. Филатов сунуш кылган. Т. м. д. организмдин ооруга туруктуулугун, регенерация функциясын күчөткөндүктөн узакка айыкпай созулган түрдүү патологиялык процессти дарылоодо жакшы натыйжа берет. Медицинада Т. м. д. көбүнчө көз ж-а тери ооруларын дарылоо, ветеринарияда малды дарылоо ж-а кунардуулугун жогорулатуу максатында колдонулат.

ТКАНЬ ӨСТҮРҮҮ, эксплантация — адам, жаныбар же өсүмдүктөн алынган клеткаларды, тканды, чоң эмес органды же аның бөлүгүн узакка тирүү сактоо ж-а өстүрүү методу. Мында өстүрүлө турган клетка, ткань, орган же аның бөлүгү жасалма азыктуу чөйрөгө жайгаштырылып, ткань алынган жаныбардын денесиникиндей темп-рада кармалат. Т. ө-дө азыктуу чөйрө катары кан плазмасы же түйүлдүк ткандарынан алынган экстракт, клеткаларды өстүрүүдө составында физиол. эритме, 12 аминокислота, витаминдер, глюкоза, 2—10% кан плазмасы болгон суюктук пайдаланылат. Буга антибиотиктер — пенициллин ж-а стрептомицин кошулат. Органды өстүрүү үчүн колдонулган азыктуу чөйрөдө жогоруда аталган компоненттерден башка агар же желатина болушу керек. Т. ө-дө ар түрдүү идиштер колдонулат. Ал биология м-н медицинада клетка, ткань, органдын өсүүсүн, морфогенезин, зат

алмашуусун ж-а бул процесстерге физ., хим. ж-а биол. факторлордун таасирин изилдөөгө мүмкүндүк берет. Клетка өстүрүүнүн вирусологияда мааниси чоң.

ТКАЧУК Григорий Иванович (1918-ж. т., Иван Франко обл., Оберти р-ну, Подвербцы кыш.) — эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1958, 1977). УССРдин а. ч-на эмг. син. кызматкери (1977). 1948-жылдан КПСС мүчөсү. 1944-жылдан УССРдин Иван Франко обл-ндагы Оберти р-нунун Ленин орденду «Украина» к-зунда башкарманын пред-ли. 1962-ж. Каменец-Подольск а. ч. ип-тун бүткөн. КПССтин 20, 22—25, Украина КПнын 20—25-съезддеринин делегаты. СССР Жог. Советинин (5—9-шайл.) депутаты. Украина КП БКнын мүчөсү (22—25-съезддеринде). Бет Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ТКВАРЧЕЛИ — Абхаз АССРиндеги шаар (1942-жылдан). Галидага д-нын боюнда. Көмүр казылып алынат; байытуу ф-касы (Рустави металлургия з-дун кокс берүүчү көмүр концентраты м-н жабдыйт) бар. ГРЭС, курулуш материалдар, темир-бетон буюмдар з-ддору иштейт. Доломит рудники курулууда (1976). Т.— бальнеологиялык курорт, радиоактивдүүлүгү аз минералдуу булактары бар.

ТМУТАРАКАНЬ КНЯЗДЫГЫ — Тамань ж. а-ндагы байыркы орус княздыгы (10—12-к.). Борбору — Тмутаракань ш. Чыгыш славян элинин Тамань ж. а-на келиши Игордун (944) Византияга, Святославдын (965) аландар м-н адыгелерге жасаган казатталарына байланыштуу. Т. к. 11-к-дын 60-жылдарынан Чернигов княздыгынын эленгинде болгон. 11-к-дын 2-жарымында Глеб, Роман ж-а Олег Святославичтер башкарган. 11-к-дын аягы—12-к-дын башында кынчактардын күчөшүнөн улам Т. к. орустун башка жеринен өбочолонун, өзүнчөлүгүн жоготкон.

ТОБОЙ — Ош обл-ның Сузак р-нундагы Ленин айыл советине караштуу кыштак. «Октябрь» жүзүмчүлүк совхоз-комбинатынын аймагында. Райондун борбору Сузактан 60 *км* чыгыш тарапта. Кок-Жаңгак т. ж. станциясынан 50 *км.* Калкы 560 (1976). Орто мектеп, китепкана, медпункт бар. Т. 1903-ж. орношкон.

ТОБОЛ — Казак ССРи м-н РСФСРдеги дарыя. Иртыштын сол куймасы. Уз. 1591 *км,* алабынын аянты 426 000 *км*². Жог. бөлүгүндө Торгой платосу, орто ж-а төмөнкү агымында Батыш Сибирь м-н агат. Кар суусунан курап. Жылдык орт. чыгымы сапталында 805 *м*³/*сек,* эң көбү 6350 *м*³/*сек.* Ноябрда тоңуп, апрелде ачылат. Ири куймалары: Уй, Исеть, Тура, Тавда (сол), Убаган (оң). Чатынан 437 *км*ге чейин кеме жүрөт. Өнөр жай борборлорун суу м-н камсыз кылат. Жээгинде Лисаковск, Рудный, Костанай, Курган, Ялуторовск ш-лары жайгашкан.

ТОБОЛЬСК — РСФСРдин Тюмень обл-ндагы шаар. Тобол р-нунун борбору. Иртыштагы порт. Тобольск т. ж. 254 *км* түн.-чыгыш тарапта. Калкы 70 миң (1979). Кемө куруу верфи ж-а ремонттоо з-ду, фанера комбинаты, мебель ж-а килем токуу ф-калары бар. Т-нде нефть-химия комплекси курулууда (1976). Пед. ин-т, балык ө. ж. ж-а зоовет. техникумдары, драма театр ж. б. иштейт. Т. 1587-ж. негизделген.

ТОБУРЧАК—жылаңач уруктуу өсүмдүктөрдүн (карагай, кызыл карагай ж. б.) көбөйүү кыматын аткаруучу органы. Т-тын өзөкчөсүнө түрүчө формасындагы спора жалбыракчалары спираль түрүндө жайгашкан.

ТОВАР — сатуу үчүн өндүрүлгөн эмгек продуктусу. Продуктуну Т. катары айырбаттоо белгилүү тарыхый шартта, эмгекти коомдук бөлүштүрүүнүн негизинде пайда болгон. Коомдук керектөө Т. аркылуу канааттандырылат. Т.— тарыхый категория. Адамзат коомунун өнүгүшүнүн алгачкы жамаат түзүлүшүндө эмгек продуктусу өндүргөн адамдын гана керегине жумшалып, Т. болгон эмес. Бирок айрым уруулларда эмгек продуктулары алмаштырылган. Кул эзилик ж-а феод. коомдо чарба негизинен натуралай болгондуктан өндүрүлгөн продуктунун баары Т-га айланган эмес. Капитализмде гана продуктуларды Т. катары өндүрүү жалпы ж-а экон. формага айланып, адамдын күчү да Т. болуп калат. Ар кандай Т-дын 2 касиети бар: керектөө наркы — буюмдун адам керегин канааттандырууга жөндөмдүүлүгү, б. а. аның пайдалуулугу. Керектөө наркы — Т-дын буюмдук касиети, наркы — Т. өндүрүүчүлөрдүн эмгегинин коомдук мүнөзүн чагылдыруучу аның коомдук касиети.

Т-дын эки касиети Т. өндүрүүчүлөрдүн эмгегинин экилтик мүнөзү м-н аныкталат. Т-дын керектөө наркы—конкреттүү эмгектин (отол Т-ды гана өндүрүүгө жумшалган) натыйжасы. Ар бир конкреттүү эмгектин өз түрүнө жараша максаты, мүнөзү болот. Конкреттүү эмгектин түрүнүн өзгөчөлүгү аның продуктусунун ботөнчө керектелүүчү наркын аныктайт. Ал эми Т. наркы абстрактуу эмгек (адамдын физиол. кубатын: булчуң, нерв, акылын белгилүү коомдук формада сарп кылуу) м-н түзүлөт. Абстрактуу эмгек эмгектин бардык түрү үчүн бирдей. Ал — товар өндүрүшүнө мүнөздүү гана коомдук, экон. кубулуш. Товар чарбада Т. өндүрүүчүлөрдүн жумушчу күчүнүн сарпталышы өзгөчө коомдук функцияны (өндүрүүчүлөрдү рынок аркылуу бири-бири м-н байланыштырат) аткарат. Эмгек Т. наркын түзгөнү м-н өзү наркка ээ эмес. Эмгек карашаттары жеке менчик болгон коомдо Т-га сарпталган эмгектин экилтик мүнөзү товар өндүрүүчүлөрдүн коомдук ж-а жеке эмгегинин ортосундагы карама-каршылыкты чагылдырат. Эмгектин коомдук мүнөзү Т. өндүрүүчүлөрдөн коомго керек продуктуларды берүүнү талап кылат. Бирок эмгектин жеке мүнөзү коомдун өндүрүүчүлөрго койгон талабынын кыйыр, рынок формасын гана туюнтат. Т-га сарпталган эмгектин карама-каршылыгы өзүн рынок наркы м-н нарктын ортосундагы карама-каршылык катары көрсөтөт. Т. өндүрүүчү Т-ды сатуу үчүн чыгарат. Демек Т. акчага айланат. Бирок айрым Т-лар адамдардын белгилүү гана талабын канааттандырат. Ал эми Т. өндүрүүчүлөр аның канча керектигин билбестен эле чыгара беришет. Мындай шартта Т-дын чектелген керектелүүчү наркы аның акчага айланышына жолто кылат. Бул сатуруга кыйынчылык туудурун, Т. өндүрүүчүлөрдүн ортосунда конкуренция күрөшүн пайда кылат. Бул күрөштүн жүрүшүндө майда Т. өндүрүүчүлөр жакырданып, аз сандагы, экон. жактан күчтүүлөрү байыйт. Жеке ж-а коомдук эмгектин ортосундагы карама-каршылык конкреттүү ж-а абстрактуу эмгектин ортосундагы карама-каршылыктан көрүнөт. Бул карама-каршылык жөнөкөй Т. чарбасынын негизги карама-каршылыгы ж-а жеке *товар өндүрүшүндөгү* башка бардык карама-каршылыктардын булагы болот. Жеке менчикке негизделген Т. чарбасында адамдардын ортосундагы өндүрүш мамилелери буюмдардын ортосундагы мамилелерге айланат, б. а. буюмдаштырылат (к. *Товар фетишизми).*

Социализм учурунда да Т. катары продукт өндүрүү сакталат. Бирок соц. коомдогу Т. өзүнүн мааниси жагынан жеке менчик партта өндүрүлгөн Т-дан түп тамырынан айырмаланат. Соц. коомдо Т. өндүрүш каражаттарына коомдук менчик үстөмдүк кылып, Т. продукциянын басымдуу болүгү коомдун керегине ылайык, эмгектин коомдо чыгымдалышына жараша алдын ала белгиленген план б-ча соц. ишканаларда коллективдүү даярдалат. Т. жүгүртүү коом б-ча планга ылайык ишке ашырылат да, коомдун ж-а коом мүчөлөрүнүн керегин камсыз кылат. Социализм шартында адамдардын жумушчу күчү товарга айланбайт, андыктан ал сатылбайт, о. эле жер ж-а аның байлыгы, завод, фабрика, шахта, т. ж. жана башкалар Т-га кирбейт. Социализмде керектөө наркы м-н наркты ортосунда карама-каршылык болбойт. Т. өндүрүшү коммуниисттик коомду куруунун бардык мезгилинде сакталат. Ал коом өнүгүп жог. чегине — коммунизмге жеткенде гана күчүн жоготот.

Лит.: Маркс К., Капитал, т. 1—3, Маркс К., Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 13—25; его же, Теория прибавочной стоимости (IV т. «Капитала»), там же, т. 26, ч. 1—3; его же, К критике политической экономии, там же, т. 13; Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., (к. Справочный том, 1-болүк, 754—56-б.), Советтер Союзунун Коммуниисттик партия-

сының Программасы, Фр., 1972; Островитянов К. В., К вопросу о товарном производстве при социализме, М., 1971; Праворов Г. Б., Стоимостные категории и способ производства, М., 1974.

ТОВАР ЖҮГҮРТҮҮ — товар айланышы; товардын өндүрүү чойросүнөн керектоо чойросүнө чейинки кыймылын камтуучу өндүрүү процессинин баскычтары. Т. ж. өндүрүш каражаттары ж-а керектоо буюмдарын сатуу наркын (суммасын) чагылдырып, товар айлануу чойросүндө экон. ишмердүүлүктүн сапат ж-а сан жактарын мүнөздөйт. Ал дүң (дүң соода) ж-а чекене *(чекене соода)* болуп бөлүнөт. Дүң Т. ж. өндүрүш м-н чекене сооданы байланыштырып турат. Дүң Т. ж-нүн үч түрү бар: өндүрүш каражаттарын негизинен материалдык-тех. жабдуу б-ча жүгүртүү; а. ч. продукциясын жүгүртүү (а. ч. продуктуларын ж-а сырёлорун соодалоо); рынокко тиешелүү ж-а тиешесиз эл керектоочу товарларды жүгүртүү. Дүң Т. ж-нү респ-калык соода мин-волору, о. эле керек-жарак кооперациялардын базалары ж. б. ишке ашырат. Чекене Т. ж. элге товар сатуунун көлөмүн—элдин жыргалчылыгынын негизги көрсоткүчүн чагылдырат. Анын материалдык негизин *товар фондусу* түзөт. СССРде чекене Т. ж. коомдук тамактануу ишканалары, ателье, өндоочу устаканалар, чекене соода аркылуу сатылуучу товар ж-а азык-түлүктү камтыйт. Буга колхозчулардан ж-а колхоздордон сатып алынган а. ч. азык-түлүгү да кирет. Чекене Т. ж. структурасы өндүрүштүн ж-а материалдык байлыкты керектоонун жакшырган структурасын чагылдырат.

Социализмде эл керектоочу товарлардын арбышына, элдин акчалай кирешесинин көбөйүшүнө байланыштуу Т. ж. тез өнүгүп, анын структурасы жакшырууда. СССРде 1940—74-ж. чекене Т. ж-нүн көлөмү мамл. ж-а кооперация соодасында 8,2 эсеге өсүп, киши башына эсептегенде 774 сомго жеткен. Чекене Т. ж-дө мамл. соодага (1970) болжол м-н 70%, кооперация соодасына 29% туура келген. Чекене Т. ж-нүн көлөмү м-н структурасын эсептөөдө, анализдөөдө, пландоодо ж-а прогноздоодо экон.-матем. методдор, ЭЭМ, о. эле илим м-н техниканын жетишкендиктери кеңири колдонулууда.

Ад.: Гоголь Б. И., Экономика советской торговли. 3 изд., М., 1971.

ТОВАР ЗАПАСЫ — өндүрүш чойросүнөн керектоочүгө жеткирүү процессиндеги товар жыйындысы. Капитализм мезгилиндеги Т. з-н мүнөздөп, К. Маркс аны капитал катары бекер жатканы м-н өндүрүштүн тымсмсыз жүрүшү үчүн шарт деп көрсөткөн. Т. з. капит. кайталанма өндүрүш процессинин үзгүлтүксүз болушун камсыз кылууга ж-а өндүрүштө чыгарылган товарды реализациялоодо эң жог. пайда алууга арналат. Социализмде Т. з-нын социалдык-экон. мацызы эл чарбанын өнүгүшүн ж-а калк керегин канааттандыруучу соц. өндүрүштүн табиятын чагылдырат. Белгилүү өлчөмдөгү Т. з-нын зарылдыгы өндүрүш ж-а керектоодогу өзгөрүүлөр м-н шартталат. Т. з. орду, арналышы ж-а товар составы б-ча топторго бөлүнүп, утурумдук, мезгилдүү, мөөнөтсүз жеткирилүүчү ж-а максат м-н сакталуучу болуп айырмаланат.

ТОВАР КАПИТАЛЫ — о. ж. капиталынын преттүү айланышынын үчүнчү баскычы ж-а аракеттеги формасы. Айлануу чойросүндө орун алып, нарк формасынын алмашуу процессин тейлейт. Буюмдай (азыктай) алганда капит. ишканалар сатуу үчүн чыгарган белгилүү товар жыйындысы. Нарк жагы үч элементтен турат: С+V+m; С — туруктуу капитал, V — өзгөрмө капитал, m — кошумча нарк. Капит. өндүрүштүн масштабы ириленген ж-а эмгектин коомдук бөлүштүрүлүшү тереңдеген сайын Т. к-нын реализациялоо милдети соода капиталы формасында обочолоно берет. Т. к-нын айланышы алгачкы аванс наркынын өз алдынча өсүү процессин гана эмес, кошумча нарктын булагы — капитал наркынын кыймылын да чагылдырат. Т. к-нын айланышында аванс капитал наркы ж-а кошумча нарк реализацияланат. Т. к-нын айланышы жеке өндүрүш керегин канааттандырат. Т. к-нын айланышы бүткүл коомдук капиталды кайра өндүрүүнүн чегинде капит. өндүрүш м-н жүгүртүүнүн өз ара ички байланышын чагылдырат. Бул байланыш капитализм шартында чаржайыт нарк закону м-н жөнгө салынат. Ошондуктан ал мезгил-мезгили м-н кайталанып туруучу ашыра өндүрүү кризиси формасында көрүнөт (к. *Экономика кризистери).*

Ад.: Маркс К., Капитал, т. 2, Маркс К., Энгельс Ф., Соч., т. 24, гл. 3.

ТОВАР ӨНДҮРҮШҮ — өз керегине эмес, соода үчүн (к. *Товар)* продукт чыгарылуучу коомдук өндүрүш формасы. Эмгектин коомдук бөлүнүшүнүн негизинде чыккан Т. ө. тарыхый өзгөрүп турат. Жөнөкөй Т. ө. алгачкы жамаат коом ыдыроо мезгилинде пайда болгон. Капит. формацияга чейин Т. ө. белгилүү деңгээлде өнүккөнү м-н адамдардын ортосундагы экон. байланыштын негизги формасы болгон эмес. Анда натуралай чарба үстөмдүк кылган. Сооданын өөрчүшү м-н Т. ө-нүн өнүгүшү ж-а кеңейиши натуралай чарбаны сүрүп чыга баштаган. Товар чарбасы продукту өндүрүүчүлөр м-н керектоочүлөрдү рынокто соода-сатык аркылуу байланыштырат. Ар бир жеке менчик ээси өз кызыкчылыгын гана көздөйт. Ошондуктан коомдо өндүрүү, айырбаштоо ж-а бөлүштүрүү процесси чаржайыт мүнөздө болот. Жөнөкөй Т. ө. акырындык м-н өнүгүп отуруп белгилүү тарыхый шартта капит. Т. ө-н пайда кылат. Жумушчу күчү соода-сатык буюмуна, б. а. товарга айланат. Капитализмге өндүрүштүн товарлай формасы мүнөздүү. Бардык продукт товар катары чыгарылат. Капит. Т. ө. экон. стихиялуу закондордун негизинде өнүгөт да, ошондон улам ага анархия ж-а конкуренция таандык, бардык учурда экон. ж-а социалдык карама-каршылык кырбай берет.

Капитализмдин кыйрашы—Т. ө-нүн жоюлушу эмес. Т. ө. капитализмден социализмге өтүү мезгилинде, о. эле социализмде да сакталат. Бирок социализмдеги Т. ө. капит. Т. ө-нөн түп-тамырынан айырмаланат. Социализмде Т. ө. планга ылайык жүргүзүлүп, жаңы социалдык-экон. мазмунга ээ. Ал адамды адам эзүү мамилелерин чагылдырбайт. Жумушчу күчү, жер, анын байлыгы, айрым ишкана, соода-сатык буюму — товар болбой калат. Т. ө-нүн көйрөсү тарыйт. Товар-акча мамилелери соц. өндүрүш мамилелеринин бүт системасын кучагына камтыбайт. Өндүрүш каражаттары м-н жумушчу күчү биригет (к. *Социалисттик менчик).* Соц. өндүрүш — коомдук өндүрүш. Ал товар-акча мамилелери м-н бирге жашайт. Соц. өндүрүштүн коммунизмдин жог. фазасын карай өнүгүшү Т. ө. мамилелеринин жоюлушу үчүн шарт түзүү дегендикке жатат. Бирок социализмдин өнүгүшүнүн азыркы этабында товар-акча мамилелерин кеңири пайдалануу чоң мааниге ээ.

Ад.: к. *Нарк, Товар* макалаларынан.

ТОВАР ПРОДУКЦИЯСЫ СССРде — ө. ж. менен а. ч-да сатууга даяр продукциянын акчалай туюнтулушу. Өнөр жай ишканаларынын Т. п-на ишканаанын ж-а заказ берүүчүнүн материалынан даярдалып, тех. текшерүү бөлүмү кабыл алган даяр буюмдун наркы кошулат. Тармактарда ж-а эл чарбасында Т. п-нын дүң наркы айрым ишканалардын Т. п-н суммалоо аркылуу алынат. Айыл чарбасынын Т. п. мамлекетке, кооперацияга, совхоздун ж-а комок чарбанын жумушчуларына, кызматкерлерине, колхозчуларга, о. эле колхоз базарында элге сатылган а. ч. азык-түлүгүн камтыйт. Мамлекетке а. ч. ишканаларынын ж-а элдин а. ч. продукциясын сатып алуу мамл. сатык баа м-н эсептелет. Т. п. м-н дүң продукциянын катышы а. ч. өндүрүшүнүн товардуулугун мүнөздөйт. Бул көрсоткүч элконун райондорунда а. ч. өндүрүшүн жайгаштырууда ж-а адистештирүүдө чоң роль ойнойт.

Ад.: Котов В. Ф., Планирование реализации продукции, прибыли и рентабельности в промышленности, М., 1969.

ТОВАР РЕЗЕРВДЕРИ, к. *Товар запасы.*

ТОВАР РЕСУРСТАР БАЛАНСЫ — СССР пландоо комиссиясы м-н ар бир союздаш респ-канын пландоо комиссиясы тарабынан продукциянын тигил же бул түрү б-ча өндүрүштүн жетишкендиктерине, элдин талабына ылайык иштелип чыккан, бүткүл

союздук же союздаш респ-калардын деңгээлинде пландуу түзүлгөн маалымат. Т. р. б. эки бөлүктөн турат: 1) товарлардын пайда болуу булагы; 2) товарлардын таланка ылайык сарпталышы. Б. а. 1-бөлүгүндө товардын пландаштырылган жыл башындагы запасы, алардын негизги пайда болуу булагы—соц. өндүрүш ишканаларынан келип түшүшү, импорт көрсөтүлсө, 2-бөлүгүндө товарлардын керектелүүчү касиеттерине карата пландуу түрдө бөлүштүрүлүшү, мамл. резервдердин толукталышы, о. эле жылдын аягына калган товарлардын калдыктары каралат. Т. р. б-ның негизинде товар запастарынын бир жылдын ичиндеги өзгөрүштөрү эсептелет.

ТОВАР РЕСУРСТАРЫ соц. мамлекеттерде — ички базарга ж-а экспортко сатууга дайын керектоо буюмдары. Ө. ж. жана а. ч. өндүрүшүндө белгилүү мөөнөттө же мурда даярдалган — запас түрүндө, о. эле импорт аркылуу сатылып алынган даяр продуктылардан турат.

Т. р-нын негизги булагы — ө. ж. жана а. ч. өндүрүшү. Т. р. азык-түлүк ж-а азык-түлүк эмес бөлүктөн турат. Анын негизги бөлүгү мамлекет аркылуу пландаштырылып, товар фондусун түзөт. Мамл. планда Т. р-нын өлчөмү (буюмдай жө акчалай), булактары ж-а колдонуу багыты белгиленет. Соц. өндүрүштүн өсүшү Т. р-нын көбөйүшүнө алып келет.

ТОВАР ФЕТИШИЗМИ — товар өндүрүш шартында адамдардын ортосундагы өндүрүштүк мамилелердин буюмга айландырылышы. Т. ф-и де адамдарга үстөмдүк кылуучу коомдук мамилелер стихиясы сыртынан белгилүү зат үстөмдүгү катары көрсөтүлөт. Ушундан улам товарга сыйкырдуу күч катары мистикалык мамиле кылынат. Т. ф.— тарыхый кубулуш, объективдүү мүнөзгө ээ. Ал капитализм тушунда эң жог. чекке өсүп жетет. Жеке менчик товар өндүрүүчүлөр анархия ж-а эрегишүү кырдаалында бири бирине көз карандысыз ж-а обочо ишт жүргүзөт. Фетишизм капит. коомдун бардык экон. категорияларына кирүүдө. Т. ф-и жок кылуу үчүн капит. коомдо рев-ялык төңкөрүш зарыл. Социализмде Т. ф. кездешпейт.

Ад. к. *Нарк, Товар* макалаларынан.


ТОВАР ФОНДУСУ — соц. экономикадагы товар ресурстарынын бир бөлүгү. Т. ф. элге сатууга, кайра белендөөгө, резерв түзүүгө, экспортко ж. б. колдонулат. Анын негизги бөлүгү мамл. ж-а кооперация соодасы аркылуу эл керегин канааттандырууга жумшалат. Т. ф. чекене товар жүгүртүүнүн материалдык негизин түзөт. Ф. мамл. ресурс ж-а жерг. фонд болуп айырмаланат. Бир катар азык-түлүк продукциясы (мал чарба азык-түлүгү, картошка, жашылча, жемиш ж. б.) үчүн Т. ф-нүн өлчөмү жер-жерде (респ-ка, область) аныкталат. Ал эми бүткүл союздук фондуга чегерилгени, респ-калар ташыруучу ж-а импорт болгүгана борбордошкон түрдө пландаштырылат. Эл керектоочу башка маанилүү товарлар борбордошкон пландарга кирет да, багыты ж-а аймак принциби б-ча бөлүнүп, ошонун негизинде товар ыраттуу жүгүртүлөт. Рыноктун Т. ф-н СССРдин соода мин-восу, союздаш ж-а автономия респ-калардын соода мин-волору ж-а алардын жерг. органдары бөлүштүрөт. Т. ф-нун ассортимент составы соода уюмдарынын ж. б. керектоочүлөрдүн заказы м-н талабынын, о. эле чарб. келишимдердин негизинде аныкталат. Эл керектоочү товарды өндүрүүнүн кыйшаюусуз өсүшү Т. ф-нун ж-а анын негизги бөлүгү — рынок фондусунун тынымсыз жогорулашына алып келет.

ТОВАР ЧАРБАСЫ, к. *Товар өндүрүшү.*

ТОВСТОНОГОВ Георгий Александрович [15(28). 9. 1915-ж. т., Тбилиси]— сов. режиссёр, СССР эл арт. (1957), иск-во таануунун доктору (1968). ГИТИСтин режиссёрлук ф-тетин (1938) бүткөн. 1938—46-ж. Тбилисидеги Грибоедов атн. орус театрында, 1946—49-ж. Москвадагы Борб. балдар театрында режиссёр, 1950—56-ж. Ленин комсомолу атн. Ленинград театрында, 1956-жылдан Горький атн. Чоң драма театрда башкы режиссёр. «Оптимисттик трагедия» (1955, В. Вишневский) спектаклин койгону үчүн Лениндик сыйл. (1958) берилген. Белгилүү спектаклдери: «Түлкү жана жүзүм» (1957, Г. Фигейреду), «Көтөрүлгөн дыц» (1964, М. Шолохов) ж. б. Ал — «Режиссёрдун кесиби жонүндө» (1965), «Ойлор чойросү» (1972) деген режиссёрлук чыгыктын теориясы ж-а практикасы ж-дегу китептердин автору. 1939—46-ж. Ш. Руставели атн. Грузин театр ин-тунда сабак берип, 1962-жылдан Ленинград театр, музыка ж-а кинематогр. ин-тунда режиссура кафедрасынын башчысы (1960-жылдан проф.). СССР Жог. Советине (7—8-шайл.) депутат. СССР мамл. сыйл. лауреаты (1950, 1952, 1968, 1978). Эки Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Беньяш Р. Г., Товстоногов, [Л.—М., 1961].

ТОГО, Того Республикасы— Батыш Африкадагы мамлекет. Түндүгүнөн Жог. Вольта, батышынан Гана, чыгышынан Бенин м-н чектешет. Түштүгүн Гвинея булуну чулгайт. Аянты 56,6 миң км². Калкы 2,4 млн (1978). Борбору — Ломе ш. (калкы 250 миң, 1977). Административдик жактан 5 областка бөлүнөт.



Т.— респ-ка. Мамлекет ж-а өкмөт башчысы — президент. Ал кеңири укукка ээ. Мамл. гербин ж-а мамл. желегин к. *Мамлекеттик герб, Мамлекеттик желек* макалаларынын таблицасынан.

Табияты. Өлконүн түштүгүн деңиздик, аккумуляциялык ойдун, борб. бөлүгүн түзөң плато (бийикт. 200—400 *м*), түндүгүн аскалуу плато эзелейт. Того ж-а Атакора тоолору түш.-батыштан түн.-чыгышка созулуп жатат. Өлконүн эң бийик жери — Бауман чокусу (986 *м*). Климаты субэкватордук. Жылдык жаан-чачыны 750—1500 *мм*. Ири дарыялары — Моно ж-а Оти. Саванна токою басымдуу.

Калкы. Калкынын көбү гвинея ж-а гур тил тобуна киргендер. Офиц. ти-



Ломе ш-ынын бир бөлүгүнүн жалпы көрүнүшү.

ли — француз тили. Калктын 70% жерг., 22% христиан, 8% мусулман динин тутат. Орт. жышт. 1 км²го 39 киши. Шаарлары: Ломе, Чаужо, Кпалиме ж. б.

Тарыхы. Т-нун чыгыш бөлүгү 1919-жылдагы *Версаль тынчтык боюворуна* ылайык Францияга мандат аймагы катары берилген. 1946-жылдан Т. ООНдун карамагына опека аймак катары өткөн. Улуттук-бошт. кыймылдын күчөшүнөн Франция Т-го ички автономия берген. 1958-ж. апрелде депутаттар палатасына шайлоодо өлкөнүн көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн биримдик комитет партиясы жеңген. ООНдун Ген. ассамблеясынын 1970-ж. 27-апрелдеги 14-сессиясынын чечимине ылайык Т-го көз карандысыздык берилген. 1960-ж. 20-сентябрдан ООНго мүчө.

1961-ж. апрелде Т-нун конституциясы кабыл алынып, Улуттук чогулуш м-н президент шайланган. Т-нун Биримдик комитетинин жетекчиси (ТБК, 1961-жылдан Т. биримдик партиясы, ТБП) С. Олимпио президенттикке шайланган. 1963-ж. январдагы аскер төңкөрүшүндө ал курман болгон соң май айында жаңы конституция кабыл алынып, жаңы Улуттук чогулушка депутаттар шайланган. 1967-ж. январда кайрадан аскер төңкөрүшү болуп, өкмөт башына келген подполковник Г. Эйадема бардык саясий партияларга тыюу салган.

Т. тышкы саясатында бейтараптыкты ж-а блокторго кошулбоону жактайт. СССР м-н Т-нун ортосунда дипл. мамиле 1960-ж. 1-майда түзүлүп, 1961-ж. эки өлкөнүн ортосунда соода, 1965-ж. маданий кызматташтык б-ча келишимдерге кол коюлган.

Саясий партиялары, профсоюздары жана башка коомдук уюмдары. Т. биримдик партиясы, 1969-ж. негизделген. Өлкөдөгү бирден бир башкаруучу партия. Т. элинин улуттук конфедерациясы, 1973-ж. түзүлгөн. Профсоюздун жалгыз бирикмеси. Т. элинин жаштар бирикмеси, 1971-ж., Т. аялдарынын улуттук союзу, 1972-ж. негизделген.

Экономикасы. Т.— экономикасы арта калган өлкө. Чет эл капиталы үстөмдүк кылат. Аймагынын 11% иштетилет. Негизги а. ч. өсүмдүктөрү: какао, кофе, май пальмасы, пахта, жүгөрү, шалы, ж. б. Ямс, маниок, тароо, ак жүгөрү эгилет. 1975-ж. 1,7 млн ири мүйүздүү мал, 4,2 млн-го жакын үй канаттуулары болгон. Ө. ж. начар өнүккөн; башкы тармагы — кен байлыктарды (фосфорит, мрамор, туз) казып алуу, 1976-ж. 44,8 млн *квт·с* электр энергиясы алынган.



Фосфорит казып алуу.

Тамак-аш ө. ж. пальма ж-а жер жаңгак майын, крахмал, ун чыгарат. Текстиль ф-касы ж. б. өнөр жай ишканалары иштейт. Автомобиль жолунун уз. 7,6 миң *км*, т. ж. 442 *км* (1976). Эл аралык маанидеги аэропорту бар. Сыртка фосфорит, какао, кофе, пахта, жер жаңгак ж. б. чыгарып, азык-түлүк, ө. ж. товарларын, ар түрдүү жабдуулар ж-а металл прокаттарын ж. б. алат. Негизги соода шериктери: Франция, Нидерланд, ГФР, Улуу Британия. Акча бирдиги — африка франкы.

Эл агартуусу. 1970-ж. калктын 15 жаштан жогоркуларынын 80% сабатсыз болгон. Билим берүү системасы француз үлгүсүндө, окутуу да француз тилинде. Башталгыч билим милдеттүү ж-а акысыз. Ал 6 жылдык. Жалпы билим берүүчү орто мектептер 2 түрдүү: 4 жылдык жалпы билим берүүчү коллеждер ж-а 7 жылдык лицейлер. Ломеде Бенин ун-ти ж-а башталгыч мектептердин мугалимдерин даярдоочу жог. мектеп бар. Ири китепканалары: Ломедеги Улуттук китепкана ж-а ун-ттин китепканасы. Өкмөттүк «Того-пресс» газетасы (1962-жылдан), «Журналь офисьель де ла Репюблик Тоголез» өкмөттүк кабарлары ж. б. чыгат. Радио өктүрүүсү 1953-жылдан, телекөрсөтүүсү 1974-жылдан иштейт.

Лб.: Новейшая история Африки, 2 изд., М., 1968; Токарева З., Тоголезская Республика, М., 1962.

ТОГОЛОК МОЛДО (чын аты-жөнү — Байымбет Абдрахманов; 1860, Нарын өрөөнү, Куртка деген жер, азыркы Нарын обл., Ак-Талаа р-ну — 4. 1. 1942, өшөл эле жер) — кыргыз жазма акыны. Дыйкандын үй-бүлөсүнөн. Атасы Абдрахман эл ырларын жакшы билген, жыйындарда ырдай коюп жүргөн киши болгон. Байымбет 14 жашка чейин атасынын тарбиясында өсүп, айткан жомокторун, ырларын үйрөнгөн. Атасы дүйнөдөн кайткандан кийин аталаш чоң абасы атактуу Музооке ырчынын тарбиясында жүрүп эр жеткен. Молдодон кат тааныган. Кийин молдого төлөй турган каражат жоктугунан окууну уланта албай, дыйканчылык кылууга өткөн. Ырды он төрт жашында жаза баштаган. Жигит курагында көбүнчө сүйүү темасына кайрылып, «Караөз», «Толгонай», «Жигиттин кыага ырдаганы», «Кыздын жигитке ырдаганы» деген сыяктуу ырлар, «Үрпүкан» аттуу поэма жараткан. Бул чыгармаларында кыргыз кыздарын уяң болбой, эски үрп-адатты жоюп, өз укугуна жетүүгө үндөйт, сүйгөнүнө карата жүрөктөгү чын сырын айтат. 18 жашында Тыныбек жомокчуга жолугуп, бир нече ай кошто жүрүп, «Манас» жомогун үйрөнгөн.



Т.

Т. М-нун чыгармалары көп кырдуу, тематикага бай. Ал кыргыздын оозеки чыгармаларын, мифтик түшүнүктөрүн, ишенимдерин, ага карата чыгарган ырларын көп билген. Кыргыздын «Шырдакбек», «Жакыл Мырза», «Мендирман» сыяктуу дастандарын жакшы айтып, аны жазып таштырган. «Манасты», «Семетейди» да айткан, кыргыз элинин тарыхын үйрөнүүгө көп көңүл бөлүп, кыйла жерди кыдырып санжыра жазып жүргөн.

Т. М. эки доордо жашап, эки доордо тең чыгармачылыгын улантканы акын болгондуктан чыгармалары эки доорго бөлүнүп каралат. Окт. рев-ясына чейинки чыгармачылыгына сүйүү темасындагы ырлары, көшөктөр, армандар, фольклордук сюжет б-ча жазган чыгармалары, тамсилдери, ашкерелоочу ырлары ж. б-лар кирет. Эгер Т. М. сүйүү ырларында жаштык ой-кыялын, ашыктык сезимин билдирсе, «Дыйкандын аялынын көшогу», «Устанын аялынын көшогу», «Маанапын көшогу» дегендеринде эмгектин маанисин өзгөчө даңазалап көрсөтөт; «Чалга берген кыздын арманы», «Жаш балага берген кыздын арманы», «Насыяга кеткен кыздын арманы» ж. б. арман ырларында кыргыз кыз-келиндеринин адамдык укуктан ажырап, мал катары сатылганына, насыяга кеткенине жаны ачып, ошондой абалга киришкен эски үрп-адатка наалат айтат. Фольклордук сюжеттен алынган «Кемпир-чал», «Бабыркан», «Телибай Тентек» сыяктуу чыгармаларында өткөндөгү түркөйлүктү ашкерелеп, адамдардын сезимин шоолалантууну көздөйт. Ал эми сатиралык ырларында бай-манаптардын, бий-болуштардын, эшен-калпа, кожолордун, казылардын терс кылык-жоругун мыскылдайт. Ал «Тезек-тагай эли тууралуу», «Чачынын көшогу», «Селде оронгон молдо кой», «Кожонун ачгемеси», «Кемчонтой» (1900) деген ырлары м-н поэмаларында ач көздөрдүн, акылсыз бий-болуштардын, эки жүздүү дин окулдөрүнүн типтүү образдарын түзгөн. Т. М. тамсил жанрында көп чыгармалар жазган: «Бору менен түлкү», «Бөдөнөнүн түл-



1

Токомбаев Аалы макаласына. 1. Соц. Эмг. Баатыры, Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамл. сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз ССР ИАнын анык мүчөсү, Кыргыз ССР эл акыны Аалы Токомбаев. 2. Аалы Токомбаевдин СССР элдеринин тилинде басылып чыккан китептеринен.

2



Тотулар макаласына. 1 — кеа; 2 — карелла; 3—кичине тоту; 4—какапо; 5 — кызыл лори; 6 — ала лори; 7 — кызыл ара; 8 — гиацинт арасы; 9 — көгүш ара; 10 — какаду инка; 11 — сары таажы какаду; 12 — кара какаду; 13 — эки түстүү тоту, ургаачысы; 14 — эркеги; 15 — розелла; 16 — жако; 17 — көк чеке тоту.

күнү алдаганы», «Каркыра менен түлкү», «Эшек менен булбул», «Иттин доолдай тиктирем дегени», «Үй музоосунан сыр сураганы», «Куба кой менен ээси», «Суу кушу менен боз кушу» ж. б. Тамсилдеринин баарында тең Түлкүдой куулар, Борүдой алцгазар зөөкүрлөр, Эшектей макоо бийлер, Кырчындай жырткыч бийлоочулар ж. б. терс көрүнүштөрдү сындайт; Булбул тилдүү акындардын талантына баа берилбегенине, Каркырадай, Куба койдой момундардын өткөн заманда кор болуп, зулумдардан катуу эзилгенине өкүнгөнүн билдирет. Т. М-нун тамсилдери — кыргыз жазма ад-тындагы тамсил жанрын түптөткөн чыг-лардан.

Т. М. Улуу Окт. рев-ясынын жеңишин кубаныч м-н тосуп алган. Аның жеңишине шыктанып, көп ырлар, учурунда калкка кол жазма бойдон тараган «Өзгөрүш» (1918), «Насыят» (1925), «Эркиндик» (1919—23), «Аткаптак менен Сүйгөнбай», «Кедейлерге насыят» деген поэмаларды жаратkан. Аларда Окт. рев-ясынын тарыхый маанисин, эмгекчилердин эркиндик, теңдикке жетишин, жыргал заман орногонун рев-ялык духта баяндайт. Айгыгыкан тап күрөшү, эскинин калдыктарын, бай-манаптарды тап катары жоюу сыяктуу өзгөрүүлөрдү көрсөтөт. Жаңы заман жарчысы катары эмгекчилерге кайрылып, Окт. алып берген жеңишти колдон чыгарбаска, тап душмандарына катуу сокку урууга, Совет бийлигин чыңдоого чакырат. О. эле «Сайраймын создун тазасын, залимдин берген жазасын, жарык нурду көрсөткөн Ленин жолу жашасын!» деген ураанды көтөрүп, улуу көсөм Лениндин рев-ялык ишин даңазалаган ырлар да жазган. 1939-ж. кыргыз иск-восунун Москвада өткөн декадасына катышып, андан алган таасирлерин «Бактылуумун», «Жыргадым», «Сырым» деген ырларында айткан. Улуу Ата Мек. согуш мезгилиндеги чыг-ларында согуш элге бүлгүнчүлүк алып келгендигине кейийт, элди ынтымакка, душманга катуу сокку урууга чакырып, душман акыры жеңилет деген ишенимди билдирет. 1940-ж. Т. М-нун 80 жылдык, 1960-ж. 100 жылдык юбилейи өткөрүлгөн. Акындын ысмы м-н Кырг-нда айрым кыштак, совхоз, колхоз, көчөлөр аталат. Фрунзе ш-нда эстелик орнотулган. «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган. Чыг-ларынан орусча которулгандары бар. Чыг-лыгы б-ча изилдөө иштери жазылган.

Чыг.: Балдар жомоктору, Фр. — Казань, 1939; Жер жана анын балдары, Фр., 1939; Тандалган ырлар, Фр., 1951; Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы, Фр., 1970; Избранное, М., 1958; Дорогой песен, М., 1960.

Ад.: Таштемиров Ж., Тоголок Молдонун чыгармачылык жолу, Фр., 1956; Тоголок Молдо жөнүндө эстеликтер, Фр., 1960; Молдобаев К., Принцип народности в творчестве акынов-демократов, Фр., 1963.

ТОГУЗ-БУЛАК — Кант р-нундагы Ысык-Ата айыл советине караштуу кыштак. «Ысык-Ата» с-зуунун аймагында. Райондун борбору ж-а т. ж. станциясы Канттан 40 *км* түш. таранта. Калкы 457 (1979). Башталгыч мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар. 1929-ж. орношкон.

ТОГУЗ-БУЛАК — Ош обл-нын Лейлек р-нундагы Тогуз-Булак айыл советине караштуу кыштак. Самат ат. к-здун аймагында. Райондун борбору Лейлектен 18 *км* түш. таранта. Пролетарск т. ж. станциясынан (Тажик ССРи) 62 *км*. Калкы 547 (1979). Орто мектеп, медпункт бар.

ТОГУЗ-БУЛАК — Ош обл-нын Совет р-нундагы Сары-Булак айыл советине караштуу кыштак. Калинин ат. к-здун аймагында. Доңуз-Ой тоосунун этегинде. Райондун борбору Кара-Кулжадан 36 *км* түш.-чыгыш таранта. Кара-Суу т. ж. станциясынан 116 *км*. Калкы 458 (1979). Орто мектеп, китепкана, клуб, медпункт, төрөт үйү бар. 1930-ж. орношкон.

ТОГУЗ-БУЛАК — Ысык-Көл обл-нын Тоң р-нундагы Күн-Батыш айыл советине караштуу кыштак. «Тогуз-Булак» с-зуунун борбору. Коңур-Өлөң — Ала-Баш өрөөнүнүн чыгышында жайгашкан. Райондун борбору Бөкөнбаевден 27 *км* түш.-батыш таранта. Рыбачье т. ж. станциясынан 85 *км*. Калкы 1431 (1979). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар. 1930-ж. орношкон.

ТОГУЗ КОРГОЛ, тогуз кумалак — кыргыз, казак элинин улуттук оюну. Аны эки киши ойнойт. Т. к-дун негизин эки тарабында тогуздан 18 чуңкур үй (уя), ортосунда жанаша эки казына (казан чара) оюлган такта ж-а 162 коргол (таш) түзөт. 9 улиын ар биринин аты бар (солдон оңго карай): 1-куйрук, 2-ат өтпөс (тел үй), 3-жаман үй, 4-текилдек (бүлкүлдөк, бел арты), 5-бел, 6-далы (бел алды), 7-эки тишти, 8-көк моюн (кандуу капкан), 9-ооз. Ойноордо ар бир үйгө тогуздан коргол салынат. Ар бир оюнчуга 9 үй, бир казына (оң кол тараптагысы) ж-а 81 коргол таандык.

Оюндун эрежеси төмөндөгүдөй. Оюнчулар тутум б-ча кезектешип жүрөт. Ар бир жүрүштө оюнчу каалаган уясындагы корголдорду (биреөнү ордуна калтырып) солдон оңго ар үйгө бирден таратат. Жүрүштүн патыйжасы акыркы коргол түшкөн үйдөгү корголдун санына жараша болот. Корголдун санына жараша үйлөр «алым» же «так» деп аталат. «Алым» (ачык) деп корголдордун саны так, ал эми «так» (жабык) деп корголдордун саны жуп үйлөр аталат. Акыркы коргол түшкөн үй «алым» болсо алынат, «так» болсо алынбайт. Оюнчулар ар бир жүрүшүндө өз үйлөрүн тактап каршысынын үйлөрүн алымдап кетүүгө же акыркы корголду атаандаштын «алым» үйүнө түшүрүп, андагы корголду өз казынасына алууга аракеттенет. Оюнчу өз үйлөрүнөн эч кандай шартта коргол албайт.



Алынган корголдору 81деп ашкан оюнчу утат, корголдун саны барабар болсо — тең чыккан болот.

Коргол алуу максатында оюнчу атаандашынын үйлөрүнөн бир «туз» күтүүгө укуктуу. Эки таштуу үйгө акыркы коргол түшкөндө ал «туз» деп жарыяланат, бирок туз жарыялоо — оюнчунун өз эркн. Тогузунчу үйдөн (ооздон) ж-а атаандашынын тузуна атташ үйдөн туз жарыяланбайт. «Туз» деп жарыяланган үйгө түшкөн корголдун бардыгы туз ээсинин утушу болот. Ошондуктан оюнчулар мерчемдүү жерден (куйрук, ат өтпөс, бел, көк моюн) туз күтүүгө, атаандашына туз бербөөгө аракеттенет. Туздун күчү (орду) оюндун жүрүшүнө, оюнчулардын амал-аракетине чоң таасир тийгизет. Көп коргол топтолгон үй «бай» деп, ал эми «байды» аргасыздан таратуу «бүктөлүү» деп аталат.

«Жыюу» — оюндун акырында өз үйлөрүндөгү корголдорду атаандашынын үйлөрүнө өткөрбөй, ооз м-н көк моюнга топтоо. Жыюу максатында топтолгон корголдорду аргасыздан чачтырып утуу «жыгуу» делет. Т. к-дун ар кырдаалын чечмелеген булардан башка «чубатуу», «ат», «бай ат», «ооз ачуу», «таш жалак», «чымчуу» ж. б. терминдер да бар. Орто оюнчулар оюнду 30—40 жүрүштө аяктайт, мыкты оюнчулар 70—80 жүрүшкө созуп, 1—3 гана коргол кыят. Т. к. оюнчунун эсептөө, логикалык ойлонуу чеберчилигин өнүктүрүп, бош убакытты мад-ттуу өткөрүү, эрмек, эс алуу үчүн ойнолот. Кырг-нда Т. к. б-ча 1972-жылдан райондук, обл., респ-калык мелдештер жыл сайын өткөрүлөт.


ТОГУЗ-ТОРО ОЙДУҢУ Нарын обл-ндагы Тогуз-Торо р-нунун аймагында. Ички Тянь-Шандын батышында. Түндүгүнөн Молдо-Тоо, Кабак, Көк-Ирим, батышынан Фергана, түш.-чыгышынан Ак-Шыйрак кырка тоолору м-н курчалат. Уз. 68 *км*, туурасы 40—60 *км*, чыгышында 26—20 *км*. Аянты 4 965,15 *км*². Ойдуңдун таманы кенен (22 *км*), деңиз деңг. 1200—2000 *м* бийикте. Рельефи добөлүү түздүк; анда антропогенде пайда болгон 8 дарыя тектири жайгашкан. Тектирлер Фергана ж-а Ак-Шыйрак кырка тоолорунун этегин көздөй созулуп, кенен тегиздикти түзөт. Ал тайыз суу нуктары м-н тилмеленип, дыйканчылыкка

ыңгайлуу. Ойдуңдун чыгышы м-н батышында адырлар басымдуу. Палеозой, мезозой ж-а кайнозой заманда-рында пайда болгон кумдук, аки таш, конгломерат, алевролит, филлит ж-а чопо тектеринен турат. Таманында ж-а тоо таянган эңкөйүш түздуктору-ндо антропоген мезгилинин кум, шагыл ж. б. тектери кеңири тараган. Ойдуңдун тектоникалык структурасы — асимметриялуу грабен-мегасин-клиналь. Кендери — таш туз, курулуш материалы жерг. керектоого пай-даланылат. Климаты континенттик, январдын орт. темп-расы —17°...—19°С, июлдуку 22—23°С. Абанын жылдык орт. темп-расы 7,5°С; жаан-чачыны 320—350 *мм*. Кок-Ирим м-н Фергана кырка тоосунун бириккен жеринде анча чоң эмес мөңгүлөр бар. Суулары Нарындын алабына кирет; ирилери: Кок-Ирим, Когарт, Атай, Аскалуу, Табылгыты ж. б. Эң ири колу — Беш-Кол (Ак-Шыйрак кырка тоосунда, 1975 *м* бийикте). Т.-Т. о-на жа-рым чөл (1300—1500 *м* бийикте), та-лаа (1500—2500 *м*), субалпы (2500—3200 *м*), альп (3200—3500 *м*) ланд-шафт алкактары мүнөздүү. Ак-Шый-рак, Молдо-Тоо, Кабак тоолорунда 2500—3100 *м* бийикте карагай токоюна аралаш четин, табылгы, арча, ба-дал, ит мурун ж. б. өсөт. Суу бойло-рунда кайың, терек, тал, четин, чыр-ганак, боруй карагат ж. б. кездешет. Жаныбарлары: бодоно, чил, кекилик, улар, кулалы, күйкө, жору, кашку-лак, суур, түлкү, карышкыр, элик, теке, каман, коён. Чарбасын к. *Тогуз-Торо району* макаласынан.

Ад.: Койчиев М., Кыргызстандын жаратылышы жөнүндө очерктер, Фр., 1975; Деркембаев Н. Д., Нарынская долина, «Изв. Кирг. филиала Всесоюз. геогр. общ-ва», в. 5, 1965; Усупов Т., Почвы Тогуз-Тороузской котловины. Почвы средней части Нарынского бассейна, «Изв. АН Кирг. ССР», 1961.

ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ — Нарын облы-ныи батышындагы админ. район. 1935-ж. уюшулган. Түндүгүнөн Жумгал р-ну, түн.-батышынан ж-а батышынан Ош обл., чыгышынан Ак-Талаа р-ну м-н чектешет. Аянты 3962 *км*². Калкы 13,5 миң (1979). Райондо 4 колхоз, 10 кыштак бар. Борбору — Казарман кыш.

Райондун аймагы *Ички Тянь-Шандын* батышынан орун алган. Түндүгүндө *Молдо-Тоо, Кок-Ирим тоосу*, түш.-батышында Фергана тоо тизмеги, түш.-чыгышында Ак-Шыйрак кырка тоосу, алардын ортосунда *Тогуз-Торо ойдуңу* жатат. Кен байлык-тары — курулуш материалдары ж. б. Тогуз-Торо ойдуңу коңшу аймактарга караганда төмөн ж-а ар тарабынан тоолор м-н курчалып жатышына бай-ланыштуу климаттык шарттары ал-дан көп өзгөчөлөнөт. Январдын орт. темп-расы —17...—19°С, июлдуку 22—23°С. Жылдык жаан-чачыны 320—350 *мм*. Ири дарыясы — Нарын (куймала-ры: Кок-Ирим, Когарт, Атай, Аскалуу ж. б.); көлү — Беш-Кол. Кыртышында сары, кара күрөң, күрөң, кара ж-а



Тогуз-Торо өрөөнүнүн түн.-батыш бөлүгү.

тоо-шалбаа ж. б. топуraктар басым-дуу. Өсүмдүктөрдөн шыбак, ак кыл-кан, кодоо, өлөң чөп, шимүүр, каз таман шалбаасы, кара кыяк, деңиз деңг. 2500—3100 *м* бийикте карагай, суу боюнда кайың, терек, зарап, тал, долоно, четин, чырганак, боруй карагат ж. б. өсөт. Жаныбарлардан кашкулак, суур, түлкү, карышкыр, коён, элик, теке, каман; канаттуулар-дан бөдөнө, чакчыгай, каркыра, чил, кекилик ж. б. кездешет.

Калкынын көбү — кыргыз. Орт. жышт. 1 *км*²ге 3,3 киши.

Т.-Т. р. негизинен мал, айрыкча жа-рым уяң ж-а уяң жүндүү кой өстү-рүүгө адистешкен. Райондогу 153,3 миң малдын 3597си уй, 126 700ү кой, 1100ү эчки, 3913ү жылкы болгон. (1978). Топоз багуу өнүгүүдө. А. ч-га жарактуу 236,9 миң *га* жердин 9355и айдоо, 3530у чабынды, 224,1миңи жа-йыт. Дан эгиндери, тоют өсүмдүктөрү, жашылча-жемиш, картошка ж. б. эги-лет. Негизги автомобиль жолу Казар-ман — Нарын; Ош обл. м-н байланыш-тыруучу автомобиль жолу курулган. Казарман — Сузак, Жалал-Абад ж-а Нарын ш-лары м-н аба катнашы бар. Райондо 7 орто, сегиз жылдык, 2 баш-талгыч мектеп, кесипчилик окуу жа-йынын филиалы, 5 клуб, 20 китепка-на, оорукана, поликлиника, 10 мед-пункт, Ак-Талаа үй-тиричилик ком-бинатынын филиалы ж-а 4 павильон бар. 1941-жылдан райондук «Жеңиш Туусу» газетасы чыгат.

Ад.: Оровалиев С. О., Кыргызстан-дын экономикалык географиясы, Фр., 1964; Койчиев М., Кыргызстандын жаратылышы жөнүндө очерктер, Фр., 1975; Нарынская долина, в кн.: Киргизия, М., 1970 (серия «Советский Союз»).

ТОГУЗ ТОБОЛ (Alchimilla) — роза гүлдүүлөр тукумундагы уруу. Көп жылдык өсүмдүк. Жалбыректары өсүмдүктүн түп жагында топтолушун, бүчүр, жумуртка сымал формада. Гүлдөрү майда, калканча же шыпыр-гыдай топ гүлгө топтошкон. Момосу — жаңгакча. Кырг-нда 4 түрү кез-дешет. Бадал арасында, суу бойло-рунда өсөт.

ТОГУЗУНЧУ ЯНВАРЬ (1905), «Ка-нду у жекшемби» — 9(22)-январда падыша Николай IIге (Кышкы сарай-га) петицияны тынч жүрүш м-н алып бара жаткан петербург жумушчула-рын падыша өкмөтүнүн массалык түрдө аткан күнү. Жүрүштү дин кыз-маткери Г. А. Гапон түзгөн монар-хиялык уюм даярдаган. Большевик-тер жумушчуларга аларды атышы мүмкүн экендигин эскертип, рев-я-лык күрөш м-н гана өз максаттары-на жетерин түшүндүргөн. Куралсыз жумушчулар (арасында карылар, аял-дар, балдар да болгон) падышанын буйругу б-ча атылган. 4600дөй киши өлүп же жарадар болгон. Кандуу жа-залоо ж-да кабар бардык эмгекчилер-дин кыжырын келтирип, өлкөдө «Жо-голсун жеке бийлик!» ураану м-н январда Россиянын 66 шаарында 444 миң адам иш таштоого катышып, Т. я. *Россиядагы революциянын (1905—07)* башталышы болгон.

ТОДОРОВ Станко (10. 12. 1920-ж. т., Кленовик, азыркы Перник округу, Колош) — БЭРдин мамл. ж-а саясий ишмери. 1943-жылдан Болгария ком-партиясынын (БКП) мүчөсү. 1936—41-ж. Софиядагы тигүү ф-касында иштеп, жаштардын прогрессчил кый-мылына катышкан. 1941-ж. армияга чакырылган. 1943—44-ж. Софиядагы антифаш. топторду жетектеп, Сентябрь элдик куралдуу көтөрүлүшүнө (1944) катышкан. 1944—47-ж. София округдук комитетинде ж-а Жумушчу жаштар союзунун БКсында иштеп, 1947—50-ж. аның БКсынын секретары. 1950-ж. февр. — октябрда БКПнин София округдук комитетинин секретары. 1954-жылдан БКП БКнын мүчөсү, 1959—61-ж. Саясий бюросунун мүчө-лүгүнө кандидат, 1961-жылдан мүчө. 1957—59, 1966—71-ж. БКП БКнын сек-ретары. 1952-жылдан БЭРдин Элдик чогулушуна депутат. 1952—57-ж. дый-канчылык министри, 1959—66-ж. Мин. Советинин пред-лине орун басар, Мамл. пландоо комитетинин да пред-ли (1959—62). 1971-жылдан БЭРдин Мин. Советинин пред-ли. Эки Георгий Дмитров ордени м-н сыйланган.

ТОЗ (Товарищество по совместной обработке земли), жер шериктештиги — коллективдүү чарбанын бир түрү; дыйкан-дардын эң жөнөкөй ондуруш бирим-дештиги. Анда жер ж-а эмгек ык-тыярдуу жалпылаштырылып, өндү-руш каражаттары жеке менчик болуп кала берет. ТОЗдо шериктештердин кирешесине сатып алынган гана ма-шина м-н а. ч. шайманы коомдошту-

рулат. Эсепиин макулдугу м-н унаа ж-а шайман дыйканчылык жумуш-тарын аткаруу мезгилинде ТОЗго топтолот. ТОЗдун кирешеси анын мү-чөлөрүнө коомдук өндүрүшкө жум-шалган эмгек күн ж-а эмгектин сапа-тына, өндүрүш каражаттарынын үлү-шүнө, кээде киши башына жараша болүнгөн.

СССРде ТОЗ а. ч-ны коллективдеш-тирүү мезгилинде (1929) пайда бо-луп, бүткүл коллективдүү чарбанын 60%тен ашыгын түзгөн. 1930-жылдар-да алардан а. ч. артели курула баш-таган. А. ч. артели ошол мезгилде коллективдүү чарбанын негизги, ки-йинчерээк жападан жалгыз формасы болгон (к. *Колхоз*). ТОЗ сыяктуу өн-дүрүш кооперациялары бир катар соц. мамлекеттерде орун алууда (ВЭР, ГДР, ВСР). Кырг-нда ТОЗ а. ч-ны соц. кайра түзүүдө маанилүү роль ойноп, кеңири тараган. Буга респ-ка-нын кочмон ж-а чала кочмон район-дорунун экономикасынын эң начар-лыгы, эң жөнөкөй кооперацияга — ТОЗго кирүүнүн жеңилдиги себеп болгон. Ушундан улам ВКП (б) Кыр-гыз обкомунун чечимиңде (1931-ж. июль) мал чарба райондорунда экон. осүү деңгээлине ж-а коптогон дый-кан массаларынын даярдыгына жа-раша бул жерлерде коллективдүү чарбанын ыңгайлуу түрү катары ТОЗ түзүү көрсөтүлгөн.

Кырг-нда Совет бийлигинин алгач-кы жылдарында а. ч. артели, коммуна м-н катар ТОЗ уюшулуп, ал 1926-ж. 26га, 1928-ж. 96га жеткен. Колхоз ку-рулушунун белгилүү баскычында милдетин аткарган соц коомдук чар-банын андан ары өнүгүшүнөн улам ТОЗду а. ч. артелдерине өткөрүү Кырг-нда 1940-жылга чейин созулган.

ТОЗОК — диний окуу б-ча тирүүсүн-дө кылган күнөөсү (айрыкча дин м-н дин кызматкерлеринин көрсөтмөлөрүн аткарбагандыгы) үчүн өлгөн адамдын жаңын кыйнай турган жай. Адатта диний аң-сезимде Т. олгондордун жа-ным бойон-чаян талап жей турган карацгы жай катары сүрөттөлөт. Ал-гачкы диний ишенимдерде Т. ж-а бе-йиш ж-дө түшүнүк болгон эмес. Алар диндин өнүгүшү м-н кийинчерээк пайда болгон. Эзүүчү таптардын тә-лыкы болгон мечит, чиркөө үюмдары Т. ж-догу окууну динге ишенгендер-ди коркутуп-үркүтүп баш ийдирүү-нүн куралы катары пайдаланышкан. Диний түшүнүк б-ча Т-ко эзүүчү таптын талабын аткарбагандар да (мис., рев-ячылар, алдыңкы идея же илим үчүн күрөшкөндөр ж. б.) түшөт. Т. ж-догу түшүнүк монотеисттик (к. *Монотеизм*) диндердин бардыгында орун алган.

ТОЙДЗЕ Моисей (Мосе) Иванович [21. 1(2. 2). 1871, Тбилиси — 17. 6. 1953, өлүп эле жер] — сов. живопис-чи, СССР эл сүрөтчүсү (1953), СССР САнын анык мүчөсү (1947). Эмгек Баатыры (1932). Петербург САда (1896—99) окуган. 1899-жылдан Тби-лисиде жашап, Эл сүрөтчүлөр студиясын уюштурган (1922). Тбилиси САның проф. (1930—53). Т. рев-ялык ж-а агартуу иштерине катышып, де-мокр. багыттагы чыг-ларды жарат-кан. 1890—1910-жылдардагы чыг-ла-рында эл турмушун көрсөткөн сүрөт («Мцхетоба», 1899—1901, ГССР иск-во музейи, Тбилиси) ж-а портреттер (еврей аёлынын ж-а энесинин пор-треттери) тарткан. 1920—40-ж. соц. курулушту, грузиндердин жаңы тур-мушун, Улуу Ата Мек. согуштагы окуяларды чагылдырган («Бактылуу турмуш», 1934; «Майдандан кат», 1942; «Жеңиш ыры», 1948) чыг-ларды жараткан. Т. Ленин ордени, «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ТОЙ — кубанычтуу окуяга (бала төрөлгөнгө, кыз берүүгө, келин алууга ж. б.) байланыштуу оюн-зоок, шаан-шөкөт м-н коштолуп өткөрүлүүчү салттуу сый (конок күтүү, үлпөт).

Кыргыз элинде үйлөнүү Т., бешик (жентек) Т., түшоо кесүү Т.; мурда сүннөт, түндүк көтөрүү, жер таюу ж. б. Т-лор өткөрүлгөн. Той берүү салты байыркы замандарда эле калктын чарбасына, өнөр-кесибине, ар кандай ырым-жырым жөрөлгөлөрүнө, никелешүүгө, кийинчерээк диний табынууга байланыштуу калыптанган. Т-дун ар кайсынысы өзүнө мүнөздүү жөрөлгө-лөр м-н коштолуп өткөрүлгөн. Т-дун эң байыркы ж-а бардык элдерге кеңири тараганы үйлөнүү тою жеке никеге *(моногамия)* байланыштуу келип чыккан. Ал эми кыргыздардын түндүк көтөрүү Т. жаңы жасал-ган боз үйдү көтөргөндө анда бейкуттук өкүм сүрүү тилегин билдирүү үчүн аның түндүгүнө ак кездеме байланып ичинде кыркак болбосун, ак жолтой, куттуу болсун, тигилген үйдө дайыма береке, тамак-аш мол болсун деген тилек м-н мал союлуп, бышырылган баш-тын соогу боз үйдүн түндүгүнөн сыртка ыргытылган. Соц. жаңы тур-мушка, сов. мад-тка, интернационал-дык оз ара таасирге, кыргыздардын өнөр-кесибинин озгөрүшүнө байла-ныштуу кыргыз Т. да жаңы түр, идеялык мазмун (тарбия-таалим, адептүүлүк ж. б.) ж-а форма (өткө-рүлүш ырааты, тартиби ж. б.) м-н толукталууда (комсомолдук үйлөнүү тою, кесипчиликке байланыштуу майрамдар, юбилей тойлору ж. б.).

Ад.: Абрамян Л. А., О некоторых особенностях первобытного праздника, «Советская этнография», 1977, № 1; Аптмамбетов Д., Культура киргизского народа во второй половине XX века, Фр., 1967; Грусман В. М., Ялинская Э. С., Современные праздники и обряды народов СССР, «Советская этнография», 1977, № 3; Симаков Г. Н., Киргизские национальные развлечения, «Советская этнография», 1977, № 4; Абрамзон С. М. [и др.], Быт колхозников киргизских селений Дархан и Чичкан, М., 1958.

ТОЙГОНБАЕВ Абдувап (1931-ж. т., Ош обл., Ноокат р-ну, Кыргыз-Ата кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1974).



А. Тойгонбаев.



С. Тока.

1972-жылдан КПСС мүчөсү. 1967-жыл-дан Тельман атн. к-здун тамекичи-лик бригадасынын башчысы. Ал баш-карган бригада жыл сайын тамеки-нини жог. түшүмүн жыйнап алууга жетишкен. Кырг-н КП БКнын мүчө-сү (1974). Ленин ордени ж-а медал-дар м-н сыйланган.

ТОЙОН — 17-к-дан якут жамаатынын феодализмге өтүү мезгилиндеги үс-төмдүк кылуучу катмарынын өкүлү-нүн наамы. Т. үйүр-үйүр малды ээлеп, коз карандуу улустагы элди эзип, чар-бачылык кылган. Якуттардын Рос-сиянын составына кириши (17-к-дын 2-чейреги) феодализмдин өнүгүшүнө ж-а Т-дун феод. ак сөөкө айланы-шына шарт түзгөн. 19-к-дын 2-жары-мында Якутияга капит. мамилелер-дин тарашынан тектүү Т-чулуктан якут соода буржуазиясы калыптана баштаган.

ТОЙЧУБАЕВ Чоймонкул (26. 11. 1938-ж. т., Ош обл., Жаңы-Жол р-ну, Кара-Суу кыш.) — СССР мамл. сыйл. лау-реаты (1978). 1978-жылдан КПСС мү-чөсү. 1961-жылдан Таш-Көмүр ш-нда шахта куруу башкармасында бетон-чу, 1964-жылдан «Северная» шахта-сында кен жумушчусу болуп иште-ген. 1976-жылдан ошол эле шахтада звено башчысы. 1976-ж. «Көмүр өнөр жайынын мастер-механизатору» наамы алган. Медаль м-н сыйланган.

ТОКА Салчак Калбакхорекович [2(15). 12. 1901, азыркы Тува АССРинин Каа-Хем р-ну, Мерген айылы — 11. 5. 1973, Кызыл] — тува совет акыны, партиялык ж-а мамл. ишмер. Соц. Эмг. Баатыры (1971). 1929-жылдан Тува элдик рев-ячыл партиясынын, 1944-жылдан КПСС мүчөсү. Т. Тува совет ад-тын башчыларын. Москвадагы Чыгыш эмгекчилер коммунисттик ун-тин бүткөн (1929). Чыгылары 1935-жылдан жарыяланган. Чыгылары-нда («Араттын созу» автобиогр. повести, 1-к-п. 1950; СССР мамл. сыйл. 1951; 2-к-п, 1956; 3-к-п, 1964; «Атасы корбогонду баласы корот» документ повести, 1963 ж. б.) өткөн феод. тур-мушту катуу сындап, рев-яның маа-нисин, соц. идеалдардын артыкчылы-гын кубаттаган. Т.— 1932-жылдан Тува элдик-рев-ячыл партиясынын Борб. Комитетинин ген. секретары, 1944—73-ж. КПССтин Тува обкомунун би-ринчи секретары, 1952—71-ж. КПСС БКнын мүчөлүгүнө кандидат, 1971—73-ж. КПСС БКга мүчө болгон. СССР


Жог. Советине (1—8-шайл.) депутат. Жети Ленин орденн ж. б. бир топ орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Хайыраканчылар. Боттун амыдыралдык чурумдары, Кызыл, 1971; в рус. пер. — Слово арата, кн. 1—3, М., 1972; Араттын сөзу, Фр., 1955.

Ад.: Хадаханэ М. А., Салчак Тока и тувинская проза, в её кн.: Тувинская проза, Кызыл, 1968.

ТОКАНТИНС — Бразилиядагы дарыя. Уз. 2850 *км*, алабынын аянты 770 миң *км*². Бразилия бексо тоосунан башталган Мараньян ж-а Алмас д-ларынын кошулушунан пайда болот. Ири куймасы — *Арагуая* (сол). Жылдык орт. чыгымы чатында 16 800 *м*³/*сек*. Чатынан 350 *км*ге чейин кеме жүрөт.

ТОКАРДЫК СТАНОК — көбүнчө айланма металл тетиктерди жонуп иштетүүчү станок. Ал металл кескич станоктордун негизгиси, көп түрдө чыгарылат. Т. с-то ар кандай токардык иштер: цилиндр, конус же татаал формалуу беттерди жонуу, кесүү, ичинен жонуу, бургулап көзөө, оюкчаларды кенейтүү, сай чыгаруу ж. б. аткарылат. Т. с-тун негизги түйүндөрү: негизи, станина, суппорт, арткы бабка, шпиндель ж-а ылдамдык куту жайгашкан кыймылсыз алдыңкы бабка, бергич куту, фартук, каретка. Т. с-ту иштеткенде тетик кыскыч патронго же борборго бекитилет да, ылдамдык кутусу м-н керектүү ылдамдыкта айландырылат. Кесүүчү аспан



«Красный пролетарий» (модели 16К20) з-ду чыгарган универсал бурама чыгаргыч токардык станок: *1*—алдыңкы бабка; *2* — кыймыл бергич куту; *3* — кыймылдуу вал; *4* — кыймылдуу бурама; *5* — тууралыкын чаначага бергич бурама; *6* — тууралыкын чанача; *7* — капкак; *8* — жог. каретка; *9* — суппорт каретказы; *10*—рейка; *11*—станина; *12*—негизи; *13* — арткы бабка.

кескич кармагычка бекитилип, жылгычтар м-н керектүү багытка — тетиктин айлануу огуна жараша жетик жылдырылат. Кээде Т. с. атайын каражаттар (мех. вариатор, айлануу ылдамдыгы өзгөрүлмө кыймылдаткыч) м-н жабдылып, шпиндель баскычсыз ылдамдыкка ээ болот. Азыр өндүрүштү автоматташтыруунун талабына ылайык сан м-н программалап башкарылуучу станоктор курулууда. Кеңири таралган сов. Т. с-ту Москвада «Красный пролетарий» з-ду чыгарат. Кырг-пда Фрунзе атн. а. ч. машиналарын куруу з-ду 1А625П модели токардык станок чыгарып, ал чет өлкөлөргө да жиберилет.

Ад.: Металлорежущие станки, 2 изд., т. 1, М., 1965.

ТОКБАЕВ Имаш (1900, Жети-Суу обл., Пишпек у., азыркы Аламүдүн р-ну, Лебединовка кыш. — 21. 10. 1957, Фрунзе ш.) — Кырг-нда Совет бийлигин чыңдоого активдүү катышуучулардан, кыргыздын ыктыярдуу биринчи кызыл гвардиячыларынан. 1919-жылдан КПСС мүчөсү. Кедей дыйкан үй-бүлөдөн. Жашынан орус кулагында малай жүргөн. 1917-ж. январда А. И. Иваницын м-н таанышып, рев-ячыл ишке аралашкан. Өшөл жылы мартта рев-ячыл жаштар тобуна өтүп, Пишпекте уюштурулган жерг. кызыл отрядга ыктыяры м-н кирген да, кыргыз уландарын ага тартуугa катышкан. 1918-ж. августта биринчи Пишпек атчандар полкунун составында Анненковдун бандасын, декабрда Ак-Суу козголоңун басышкан. 1919-ж. Ташкенде М. В. Фрунзе ж-а В. В. Куйбышев м-н жолугушуп, алардын сунушу б-ча 3-интернационалдык ыктыярдуу отрядды башкарган. Өшөл отряд м-н Верный (Алматы) аймагында атаман Мальцевдин бандасын, полковник Сидоровдун ак гвардиячыларын талкалашкан. 1920-ж. декабрдан Жети-Суу обл. Өзгөчө комиссиянын уполномочени ж-а Жаркенттеги өзүнчө атчандар дивизионунун командири. 1925-жылдан Пишпекте Бириккен мамл. саясий башкарма (ОГПУ) отрдынын начальниги болуп турганда Кетмен-Тободо басмачыларды талкалоого жетекчилик кылган. 1930—33-ж. Тянь-Шанда, кийин Чүй өрөөнүндө колхоздоштуруу ишине активдүү катышкан. Улуу Ата Мек. согушка ыктыяры м-н катышып, батарея командири болгон. Согуштан кийин райондук аскер комиссары болуп иштеген. Ден соолугуна байланыштуу 1947-жылдан гражд. кызматка которулган.

ТОКБАЕВ Турдалы [1886, Сыр-Дарыя обл., Олуя-Ата у., Талкан болушу, Талды-Булак жайлоосу (азыркы Кыргыз ССРи, Панфилов р-ну, Чорголу кыш.) — 1936] — парт. ж-а мамл. ишмер. Кедей үй-бүлөдөн. 1918-жылдан КПСС мүчөсү. Чалдыбардагы мусулман мектебин, Олуя-Ата (азыркы Жамбыл) ш-ндагы орус-тузем окуу жайын (1916), Москвадагы Жог. партиялык мектепти (1932) бүткөн. Улуу Окт. рев-ясы жеңгенче байларга кызмат өтөп, падышанын бүйругу б-ча Житомир аймагында аскер-оорук иштеринде болгон. 1918-ж. большевиктердин катарына кирген. 1919-жылдан Олуя-Ата ш-дык атайын комиссиянын пред-ли, Олуя-Ата у-дик рев-ячыл комитетинин башкаруу бөлүмүнүн башчысы, 1921—23-ж. Пишпек у-нде жооптуу кызматта. 1923-ж. Олуя-Ата шаараткомунун пред-ли. 1924-ж. апрелден Түркстан АССРинин эл агартуу комиссарына орун басар. 1924-ж. 16-дек.— 1926-ж. 10-октябрда РСФСР БАКка караштуу Кыргыз АОнун Москвадагы өкүлдүгүнүн биринчи туруктуу өкүлү. 1927-жылдан Кыргыз АССР БАКтын пред-лине орун басар, Жумушчу - дыйкан инспекциясынын эл комиссары, Кыргызпрофсовдун пред-ли. 1932—36-ж. ВКП(б)нын обл. бюросуна мүчө.



Т. Токбаев.

Ад.: Бегалиев С., Алиханов В., Революция үчүн керек болсо..., «Кыргызстандын пропагандисти жана агитатору», 1977, № 17.

ТОК БУЛАГЫ — ар түрдүү энергияны электр энергиясына айландыруучу түзүлүш. Айландырылуучу энергиянын түрү б-ча шарттуу түрдө хим. ж-а физ. Т. б-на бөлүнөт. Химиялык Т. б.— хим. реагенттердин кычкылдануу-калыбына келүү реакциясынын энергиясынын эсебинен электр тогу алынуучу түзүлүш. Пайдалануу схемасы ж-а энергияны электр тармагына берүү ыкмасына карата хим. Т. б. бир жолку, эки жолку пайдаланылчу ж-а резервдик, о. эле электр-хим. генератор болуп бөлүнөт. Физ. Т. б.— жылуулук, мех., электр-магнит энергиясын, о. эле радиациялык нурлануу ж-а ядролук болүнүү энергиясын электр энергиясына айландыруучу түзүлүш. Ага электр-машина генератору, термоэлектр генератору, термоэмиссиялык өзгөрткүч, күн энергиясы м-н атом энергиясын электр энергиясына айландыргыч генератор кирет. Мех. энергияны электр энергиясына айландыруучу электр-машина генератору азыркы энергетиканын негизин түзүү м-н электр энергия булактарынын өң кеңири тараган түрү. Термоэлектр генератору Зеебек эффектисине, термоэмиссиялык өзгөрткүч термоэмиссия эффектисине, күн энергиясынын генератору ички фотоэффектиге, атом энергиясынын генератору бөлүнүү кезиндеги электрондун кинетикалык энергиясын пайдаланууга негизделген.

ТОКИО — Японияның борбору. Өлкөнүн экон. ж-а маданий башкы жайы. Дүйнөдөгү калкы көп шаарлардын бири. Хонсю а-нын түш.-чыгышында. Аянты 577 *км*², Чоң Т-нуку (борб. префектурасын карамагы) 2,141 миң *км*². Калкы 11,7 млн (1979). Т. — өлкөдөгү ири транспорт, эл аралык маанидеги деңиз ж-а аба жолдор тоому.

Т. 15-к-дын орто ченинде негизделген. Азыркы Т-нун ордуна 1457-ж. Эдо (Иеддо) сепили курулган. 1590-ж. Т-ну сёгундардын үчүнчү династиясын негиздөөчү — феод. Японияны башкаруучусу Иэясу Токугава каратkан. Сёгундар башкарган мезгилде (1603—1867) Эдо резиденция болгону м-н Японияның официалдуу борбору Киото ш. болгон. 18-к-да Эдо дүйнөдөгү ири шаарга айланган. 1869-ж. сёгундуктун жоюлушу м-н императордун резиденциясы Киотодон Эдого көчүрүлгөн. Шаар Т. («чыгыш борбору») аталып, Японияның борборуна айланган. 19—20-к-да Т.— Японияның ири о. ж. чордону. Анда 1897—98-ж. алгачкы профсоюздар, 20-к-дын 20-жылдары коммунисттик ийримдер ж-а топтор, 1922-ж. Япония коммунисттик партиясы негизделген. Т. 1923-ж. жер титирөөдөн катуу бүлүнгөн.

Т-до ири финансы-о. ж. монополиялары, өлкөнүн башкы банктары топтолгон. Т.—Японияның ири индустр. району. Машина куруу ж-а металл иштетүү о. ж. татаал ж-а так машиналарды, приборлорду, электр-тех. ж-а электрон жабдуулары м-н аппараттарды, оптика-мех. буюмдарды, автомобиль, самолёт, кеме, станок курууга, т. ж. жабдууларын ж. б. чыгарууга адистешкен. Металлургия өнүккөн. Химия о. ж. мед. дары, косметика буюмдарын, лак, боёк, хим. булалар ж-а пластмасса ж. б. өндүрөт. Полиграфия, курулуш материалдар, тамак-аш, жеңил ж. б. өнөр жайлары бар. Т.— Япониядагы туризмдин башкы борбору. Т-нун аймагы анча жашылдандырылган эмес, таштан, кирпичтен, темир-бетондон курулган ири имараттар бар, о. эле жыгач үйлөр да шаардын борборунда көп алынты эмес. Эл жашаган райондор өкө жолу кайрадан курулган (1923-жылдагы жер титирөөдөн ж-а экинчи дүйн. согуштан кийин). Шаардын тарыхый борборунда (Нихонбасиде) императордун парк м-н курчалган сарайы жайгашкан (1600-ж. башталып, 19—20-к-да кайрадан курулган). 1910-жылдан улуттук арх-ра м-н катар жаңы стилдеги имараттар салынган («Империал» отели, борб. почтамт). 1960—70-жылдары шаарда жаңы райондор (Сибуя, Синдзюку, Икебукуро, Тама) курулган. 20-к-дагы көрүнүктүү курулуштар: Уэно паркындагы Метрополитен фестивал холл (1960—61), Олимпиада спорт комплекси (1963—64), Ыйык Мария собору (1964), Токио телемунарасы ж. б.

Шаарда 80 мамл., муниципалитеттик ж-а менчик окуу жайлары (аның ичинде — Токио ун-ти, муниципалитет ж-а а. ч. ун-ттери, пед., иск-во, музыка, технол. ин-ттары ж. б.), Япония ИА, иск-во академиясы, 100дөн ашык ил. из. ин-ту, ири китепкана, музей ж-а театрлар бар.

Ад.: Токио через двадцать лет, пер. с япон., М., 1972.

ТОКИО ПРОЦЕССИ — япон согуш кылмышкерлерине жүргүзүлгөн сот процесси. 1946-ж. 3-майдан 1948-ж. 12-ноябрга чейин Токиодо Ы. Чыгыш Эл аралык согуш трибуналында жүргүзүлгөн. 1928—45-ж. СССР, Кытай ж. б. өлкөлөрго каршы агрессиячыл согуштарды даярдоого ж-а жүргүзүүгө катышкан 28 адамдын 25и жазаланган (мурдагы 4 премьер-министр—Тодзио, Хиранума, Койсо, Хирота; 11 министр — Араки, Хата, Хосино, Итагаки, Кайя, Кидо, Симада, Судзуки, Того, Сигэмицу, Минами; 2 элчи — Осима, Сиратори; жог. генералитеттин 8 өкүлү — Доихара, Кимура, Муто, Ока, Сато, Умэдзу, Мацуи, Хасимото); экөө — мурунку тышкы иштер министри Мацуока ж-а адмирал Нагано өкүм чыкканча эле өлүп калган; япон империализминин идеологу Окаванын шал болуп калгандыгына байланыштуу өкүм чыгарылган эмес. Өкүм б-ча Доихара, Хирота, Итагаки, Кимура, Мацуи, Муто, Тодзио өлүм жазасына тартылып, Того 20 жылга, Сигэмицу 7 жылга, калгандары өмүр бою түрмого кесилген.

ТОКИО УНИВЕРСИТЕТИ — Япониядагы эски ж-а ири ун-т. 1877-ж. Сохэйко (1790-ж. негизделген), Кайсэйго (1855) ж-а Игакусо (1863) окуу жайларын бириктирүүнүн негизинде Токио улуттук (императордук) ун-ти болуп түзүлгөн. Т. у-нде укук, экон., филол., пед., инженер-технол., табигый илимдер, а. ч., мед., фармацефтика ф-теттери, о. эле жалпы билим берүүчү коллеж болгон (1974). Ун-тте бир нече ил. из. ин-ттар, лабор-я иштейт. 1975—76-окуу жылында 18,5 миңдей студент окуп, 3,6 миңден ашык окутуучу (800дөйү проф.) иштеген.

ТОККАТА (итал. toccare — тийгизүү дегенден) — клавиштүү аспаптар (фортепьяно, орган) үчүн тез жүрүштө, так ыргакта ойнолчу виртуоздуу муз. пьеса. Фортепианолук Т-ның улгулору Р. Шуман, Ф. Мендельсон, К. Дебюсси, М. Равель, С. Прокофьев, А. Хачатурян, Д. Шостаковичтин чыгармаларында бар. Органдык Т. 16—18-кк импровизациялык мүнөздө болуп, *прелюдия* ж-а *фантазияга* жакындашкан; көбүнчө аспаптык циклдин кириш бөлүмү катары жазылган (мис., Т. циклі — И. С. Бахтын фугасы). Кыргыз комп-лорунан Ж. Малдыбаева, М. Бурштин фортепианолук Т. жазышкан.

ТОК КҮЧҮ (*i*) — электр тогунун сандык (скаляр) мүнөдөмөсү; ал Δt убакыттын ичинде өткөргүчтүн туурасынан кесилиши аркылуу өткөн Δq электр зарядынын абс. маанисинин өшөл заряд өткөн убакытка болгон катышына барабар: $i=\Delta q/\Delta t$. Т. к-нүн бирдиги — *ампер*. Белгилениши *A*. Т. к-н өлчөө үчүн *амперметр* колдонулат.


ТОКМОК — 1) катуу жыгачтан (арча, кара жыгач, өрүк, кайың ж. б.) же алардын уюлунан баш жагы салмактуу (тоголок же сүйрү), сабы ичкертилип, казык кагуу, тери ийлеп жумшартуу, эгиндин данын түшүрүү ж. б. үчүн жасалган аспап. 2) Килемдин эриштеринин ортосуна өткөрүлгөн аркакты ургулап бышыктоо, чыңдоо үчүн колдонулчу шайман. Ал эриштин жоондугуна ылайык сабы 15—20 *см*дей, уз. 16—18 *см*дей, туурасы 10—17 *см*дей, тиштери 1,5—2 *см*дей болот. 3) Өөн-зоокто колдонулуучу эшилип чыйратылган жоолук же башка жумшак нерсе.


ТОКМОК — шаар, Кырг-ндын аймагындагы байыркы шаардардын бири. Чүй өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүндө, Чүй д-ның сол жээгинде. Деңиз деңг. 818 *м* бийикте. Климаты кескин континенттик. Январдын орт. темп-расы —5°С, июлдуку 20—25°С. Жылдык жаан-чачыны 300—400 *мм*. Фрунзе ш-нан 60 *км* чыгыш тарапта. Луговой—Рыбачье т. ж-ндагы станция. Автомобиль, т. ж-дор аркылуу респ-канын башка райондору м-н байланышат. Калкы 58 миң (1979; 1939-ж. 19 миң); негизинен кыргыз, орус, алардан башка өзбек, дунган, татар ж. б. улуттар жашайт.

Т-тун аймагын б. з. ч. сактар, андан кийин гуннидар, кийинчерээк көчмөн уруулар, аның ичинде кыргыздар мекендеген. 10—11-к-да Т-тун түш. тарабында караханилер мамлекетинин борбору жайгашкан. Өшөл борбордун арх-ралык эстеликтеринен Бурана мунарасы гана сакталган. 19-к-дын башында Чүй өрөөнүн

1. Токио ш. Арткы планда Фудзияма тоосу. 2. Токионун райондорунун бири.







Токмок ш. Жаңы микрорайон.

Кокон хандыгы басып алып, Т. чебин курган. Т. чеби ыңгайлуу жол тоому болгондуктан көп узабай чоң жарманкеге айланган. 1862-ж. Чуй өрөөнүнө полковник Колпаковскийдин отряды келип, Кокон хандыгынын аскерлерин талкалап, Т. чебин эзлеген. Т. 1866-жылдан шаар аталганы м-н, анда 67 гана турак үй болгон. Т.— 1867—78-ж. Токмок у-нин борбору. 1878-ж. борбордун Пишпекке көчүрүлүшүнө байланыштуу Т.— болуштуктун борбору. 1897-ж. Т-то жашагандардын саны 3 мицге жеткен. Совет бийлигине чейин Т-то үч тегирмен, үч булгаары устакапасы, өсүмдүк майын чыгаруучу завод болгон. Мында Улуу Окт. рев-ясынын алдында Ф. Е. Дубовский башчылык кылган рев-ячыл топ аракет кылган. Т-тогу рев-ячыл отряддар ага жакын райондордо Совет бийлигин орнотуу үчүн активдүү күрөшкөн.


Ө. ж. ишканаларынын көлөмү б-ча Түн. Кырг-ндагы 2-шаар (Фрунзеден кийин). Ири ишканалары: эки автомобиль ремонттоочу, темир-бетон буюмдарын чыгаруучу, Чүй таш талкалап иргөөчү, *Токмок жүн ылгоо фабрикасы,* айнек, кант, нан, сүт з-ддору, камволдук жип ийрүү, кийиз жасоочу, картон ф-калары, консерва-өндүрүштүк бирикмеси, Фрунзе эт комбинатынын мал союу цехи ж. б. бар. Тамак-аш ө. ж. ишканалары сырьёнун көп болүгүн Чүй өрөөнүнүн райондорунан алат. Шаар чыгарган продукция респ-канын райондоруна, союздук респ-каларга, чет мамлекеттерге жиберилет.

Т-то 19-к-да кокон баскынчылары мунара м-н дубалдары жыгачтан ж-а таштан турган сепил курушкан. 1860-ж. аскер топографтары көчөлөрдү чарчылап пландаштырып, аларды бойлото бир кабат короо жайлуу үйлөр курулган. Шаар ген. планынын 1-долбоорун 1950-ж. арх. Е. Писарской иштеп чыккан. Азыр Т-то көп кабаттуу турак үйлөр, коомдук имараттар тургузулуп, жаңы долбоор (арх. Б. Бараканов) б-ча ө. ж. санасы, түштүгүндө 25 миң кишилик турак жай району курулууда.

Т-то 12 жалпы билим берүүчү мектеп, 1 мектеп-интернат, 2 кечки мектеп, а. ч-н механикалаштыруу техникуму, маданий-агартуу, мед., 2 кесипчилик окуу жайы, 34 китепкана, 3 кинотеатр ж. б. маданий агартуу мекемелери бар. Шаардык, балдар ж-а жугуштуу оорулар ооруканалары, онкология, учук диспансерлери, бир нече мед. пункт иштейт.


Лит.: Картавов М. М., Исаев А., Кыргызстанды аралап. Фр., 1975; Чормонов Б. Ш., Токмок шаары, Фр., 1973

ТОКМОК АЙНЕК ЗАВОДУ — Кыргыз ССРинин курулуш материалдар ө. ж. мин-восуна карайт. Токмок ш-нда. 1972-ж. өндүрүшкө берилген. Токмок ш-нда. 3—5 *мм*, 6,5 *мм* витрина айнеги, автомобиль ж-а тракторго керектелүүчү сталинит (чыңдалган айнек), имаратты көркөмдөөгө керектелүүчү стемалит айнеги ж-а айнек буюмдарын (стакан, фужер, рюмка, ваза, салат салгыч ж. б.) чыгарат. Өндүрүш кубаттуулугун кобойтүү максатында 1977-ж. реконструкцияланган. Кубаттуулугу 18 млн $м^2$деп ашык (2 *ммлик* шарттуу эсептөө м-н). Т. а. з-нда СССРдин айнек ө. ж-нда биринчи жолу кесүү, тилүү, ташуу ж-а таңгактоо үчүн 8 механикалаштырылган линия орнотулган. Алар татаал операцияларды автомат м-н аткарууну камсыз кылат. Заводдун айнек продукциялары чет өлкөгө да экспорттолот.



ТОКМОК АЙЫЛ ЧАРБАСЫН МЕХАНИКАЛАШТЫРУУ ЖАНА ЭЛЕКТРЛЕШТИРҮҮ ТЕХНИКУМУ — атайын орто билимдүү а. ч. адистерин (инженер-техниктерди) даярдоочу окуу жайы. Токмок ш-нда 1938-ж. уюштурулган. Алгачкы жылдарда а. ч. техниктерин даярдоочу бир гана бөлүм болсо, кийин чарбалардын өндүрүшүнө керектүү а. ч-сын механикалаштыруу, а. ч-сын электрлештирүү, мал чарбасын механикалаштыруу ж-а электрлештирүү бөлүмдөрү уюштурулган. Жыл сайын бул бөлүмдөргө 450 окуучу кабыл алынат. Техникумда өндүрүштөн ажыратпастан адистерди даярдоо б-ча сырттан окуу бөлүмүнө жылына 150 окуучу алынат. Техникум уюшулгандан бери 7600дөн ашык адис даярдалган (1978). Анда адистердин квалификациясын жогорулатуу б-ча төрт айлык курс иштейт.

ТОКМОК ЖҮН ЫЛГОО ФАБРИКАСЫ Кыргыз ССР жеңил ө. ж. мин-восуна карайт. Токмок ш-нда. Кырг-ндын колхоз, совхоздорунда белендеген жүндү жуун, ылгап, чыбаштан ланолин (жүн майы) алып, респ-канын ж-а союздаш респ-калардын ө. ж. ишканаларына жөнөтөт. 1969-ж. эки цехи пайдаланууга берилген. Төрт негизги, 9 жардамчы ж-а таштанды сырьё цехи бар. 1973-ж. жүн сорттоо, ташуу, түшүрүү механикалаштырылган. 1977-ж. фабрикада 17 миң т таза жүн камдалган. Кырг-н КП БКнын, Кыргыз ССР Жог. Советинин



Токмок жүн ылгоо ф-касынын бир цехи.

Президиумунун, Кыргыз ССР Мин. Советинин ж-а Кыргызсовпрофтун юбилейлик Ардак грамотасы м-н сыйланган (1974).

ТОКМОК КАНТ ЗАВОДУ Кыргыз ССР тамак-аш мин-восуна карайт. Токмок ш-нда. Кызылчадан кумшекер чыгарат. Завод Улуу Ата Мек. согуш жылдарында Карел-Финн АССРинен көчүрүлгөн «Антреа» кант заводунун жабдууларынан курулуп, 1943-ж. пайдаланууга берилген. Чүй, Кемин р-ндорунун кант кызылчасын пайдаланат. Өндүрүш кубаттуулугу суткасына 1450 т (1978). Заводдун технол. жабдуусу жаңыртылууда. Жаңы техника м-н алдыңкы технология кеңири пайдаланылат. Продукциясы респкадан тышкары союздаш респ-каларга жөнөтүлөт.

ТОКМОК КУМ-ШАГЫЛ КЕНИ — Чүй өрөөнүндөгү кум-шагыл табылган жер. Токмок ш-нан 3—4 *км* түш.-батыш таранта. Кен 1961-ж. Кыргыз ССР геол. башкармасы тарабынан (А. С. Перепилица) ачылып, геол. чалгындоо жумуштары жүргүзүлүп, запасы эсептелген. Кен аймагы антропоген мезгилинде пайда болгон аллювий чөкмөлөрүнөн түзүлгөн. Алар жумурулганган кой таштуу кумшагылдан туруп, кургак сай, тектир-кашатчаларды түзүп жатат. Уз. 2,5 *км*, эни 100—150 *м*, калың. 100 мге чейин. Кум-шагылдын гранулометрдик составынын 53,48%ин гравий, 32,33%ин кой таш, 14,19%ин кум,

0,54%ин чопо түзөт. Көлөмдүк салм. 1,76; ным сыймд. 0,42%; салышт. салм. 2,64; кысуудагы каршылык көрсөтүүсү 1785 *кг/см*^{2}. Орг. заттар кездешпейт. Кен ГОСТ 8268—65тин талабына толук жооп берет. Кендеги гравийден «300» маркасындагы ж-а андан да жог. сапаттагы бетон алууга болот. Жалпы эсептелген запасы 34 млн $м^3$ (1975). Кен жерг. курулуштарга пайдаланылат.

ТОКМОКТОГУ КЫЗЫЛ ГВАРДИЯЧЫЛ ОТРЯД 1918-ж. жазында большевиктердин ташпырмасы б-ча Жети-Суу обл. дыйкандардын 2-съездинин делегаттары Ф. С. Дубовицкий, П. В. Киселев ж-а Н. Полянский тарабынан 734-Саратов коштунунан (дружинасынан) ж-а демобилизацияланган солдаттардан курален. Коштуундун начальнигине Н. В. Киселев, 7 кишиден турган аның коштун комитетинин пред-лдигине Ф. С. Дубовицкий шайланып, отряд Саратов коштунунун (1918-ж. 25-февралда жөюлган) курал-жарактары м-н жабдылган. Ал Пишпектеги Кызыл гвардиячылар тобу м-н тыгыз байланышып, Кырг-ндын түндүгүндө Совет бийлигин чыңдоодо маанилүү роль ойногон.

ТОКМОКТОГУ РЕСПУБЛИКАЛЫК МАДАНИЙ-АГАРТУУ ОКУУ ЖАЙЫ— маданий-агартуу кызматкерлерин ж-а китепканачыларды даярдоочу атайын орто окуу жай. 1949-ж. 17-июнда Кыргыз ССР Мин. Советинин чечиминин негизинде маданий-агартуу кызматкерлерин даярдоочу үч жылдык мектеп болуп ачылган. Биринчи директору — П. Г. Андриевский. Алгач бул мектепти 86 адам бүтүргөн. 1959-ж. окуу жайы болуп озгортүлүп, окуу мөөнөтү 3 жылдан 4 жылга узартылган. Окуу жайдын 2 бөлүмү бар: клубдук (хор, театр, үйлөмө ж-а элдик аспаптар оркестрinin жетекчилерин даярдайт), китепканалык (калк китепканаларынын китепканачыларын даярдайт). Сырттан окуу бөлүмү 1953-ж. ачылган. Окуу жайы ачылгандан бери 6556 адис даярдалды. 1977-ж. 837 студент окуп, 66 мугалим иштеген.

ТОКОБАЕВ Марат Молдогазиевич (4. 6. 1932-ж. т., Пржевальск ш.) — биолог, биол. илимд. доктору (1973), Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү (1977). 1963-жылдан КПССтин мүчөсү. МГУну бүткөн (1955). Кыргыз ССР ИАнын биол. ин-тунда ил. кызматкер (1958—61), 1961-жылдан гельминтология лабор-ясына башчы, 1975-жылдан ин-ттун директорунун илим б-ча орун басары. Ал — 3 монографияга авторлош ж-а 50дөн ашуун ил. эмгектин автору. Анын негизги ил. багыты гельминтологиянын жалпы маселелерин — жапайы айбанаттагы гельминттердин түрдүк составын, мите куттардын тиричилик циклдерин изилдөөго, гельминттердин фауналык жыйындысынын пайда болуу закон ченемин ж. б-ды изилдөөгө арналган. Ал илимдин 6 кандидатын даярдаган (1978). Т.— Бүткүл союздук гельминтология коомунун мүчөсү ж-а аның Кырг-ндагы бөлүмүнүн пред-ли.

Эмг.: Вредные грызуны и биологические меры борьбы с ними, Фр., 1968 (соавт.); Млекопитающие Киргизии, М., 1972 (соавт.); Гельминты диких млекопитающих Средней Азии, Фр., 1976; Трематоды фауны Киргизии, Фр., 1978.

ТОКОБАЕВ Молдогазы (1905, азыркы Ысык-Көл р-ну, Тору-Айгыр кыш.— 21. 5. 1974, Фрунзе) — кыргыз совет акыны, драматург ж-а коомдук ишмер. Кыргыз совет ад-тына негиз салгандардан. Кедей дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Түп р-нундагы а. ч. техникумунан, Москвадагы Коммунисттик ун-ттен (1929—31) окуган. 1926—29-ж. Каракол ж-а Нарын кантондук комсомол комитетинин секретары, 1936—37-ж. «Кызыл Кыргызстан» газетасынын редактору, 1938—40-ж. Жалал-Абад облаткомунун пред-ли. 1940—41-ж. Кырг-н КП БКнын секретары, 1941—44-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин Президиумунун пред-ли.

Тунгуч ырлары («Кайсы убак?», «Жан карындаш») 1924-ж. «Эркин Тоого» жарыяланган. Алгачкы ыр жыйнагы 1931-ж. жарык көргөн. Бул жыйнактагы ырлары жаңы замандын артыкчылыгын даңазалап, калкты коллективдүү чарбага отүүгө үндөйт. 40-жылдары Т-дин эркин эмгек, патриотизм темасындагы «Эмгек булагы», «Эрдин күчүн эл сынайт», 50-жылдары кыргыз улан-кыздарынын илим-билим алууга умтулганын, кулкмүнөзүндөгү озгөрүштөрдү, соц. курулуштун ийгиликтерин көрсөткөн «Шайыр жаштар», «Шаңдуу күн», «Күжүрмөн эмгек» ж. б. китептери чыккан.

Т.— кыргыз совет драматургиясын баштагандардын бири. Аның «Кайгылуу Какей» (1928) пьесасы — кыргыз театр өнөрүнүн тарыхындагы түңгуч чыг-лардан. Ленин ордени, эки «Ардак Белгиси» ордени жана медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Экинчи ырлар жыйнагы, Фр.— Казань, 1937; Таңдалган ырлар, Фр., 1955; Шаңдуу кадам. Аңгемелер, очерктер жыйнагы, Фр., 1960, Жарык күз. (Ырлар жана поэмалар), Фр., 1971.

Лит.: Акын-жазуучу, драматург. (Молдогазы Токобаевдин туулган күнүнүн 60лугуна карата), «Кызыл Кыргызстан», 1955, 3-дек.; Суванбеков Ж., Алгачкы окуялардын бири, «Советтик Кыргызстан», 1968, 1-окт.; Моллогазы Токобаев, к-пте: Самаганов Ж., Советтик Кыргызстан жазуучулары. Био-библиогр. справочник, Фр., 1976, 2-бас., 550—53-б.



М. М. Токобаев.



М. Токобаев.

ТОКОЙ — жер бетиндеги өсүмдүк дүйнөсүнүн негизги типтеринин бири; бир же бир нече түрдөгү дарак, бадал ж. б. өсүмдүктөн турат да, белгилүү аянтты ээлеп, өсүмдүгү калың чыгат. Бир дарак породасы (мис., мырза карагай) өскон Т.— бир токтуу, бир нече порода өссө, аралаш Т. аталат. Т. жалбырагы күбүлмө ж-а дайыма жашыл жалбырактуу болуп айырмаланат. Структурасы б-ча экологиялык өзгөчөлүктөрүнө жараша Т. бир, эки, үч, төрт ж-а андан да көп кылкалуу болуп болүнөт.

СССРдин түн. жагында ийне жалбырактуу Т. (мырза карагай, карагай, көк карагай, кызыл карагай ж-а кедр) басымдуулук кылат. Өлкөнүн борб. болүгүндө көбүнчө аралаш Т. кездешет. Анда жог. породалардан тышкары жылуучул зарап, кара жыгач, эмен ж. б. өсөт. Утуру түштүктү көздөй ийне жалбырактуулар өспөйт же айрым жерде өзгөчө шартта гана өсөт. Бул аймакта негизги Т. породасы — эмен. Кавказ ж-а Карпат тоолорунда ургун карагай, көк карагай ж-а бук токою бар. О. Азия тоолорунда карагайлуу, арчалуу ж-а жаңгактуу Т. кездешет. Кырг-нда Арстанбап, Сары-Челек, Кызыл-Үңкүр, Когарт сыяктуу кыйла Т. аймактары бар. Респ-канын Т-лорунда карагай, арча, тал, терек, кайың, чие, кара өрүк, балгын ж. б. өсөт. Токойлуу аймакта көбүнчө ачылык чарбалары, коруктар ж-а заказниктер (к. *Сары-Челек коругу, Жети-Өгүз заказниги)* уюштурулган.

Т. кургактыктын 30%чесин ээлейт (1971). Антарктидадан башка континенттин баарында өсөт. Т. аянтынын көбү Америкага (материктин жалпы аянтынын 30%тен ашыгы) ж-а Азияга (30%тен ашыгы) таандык. Австралияда Т. эң аз (10%). ООНго караштуу азык-түлүк ж-а агрономия уюмунун маалыматы б-ча (1968) Жердин Т. аянты 4126 млн *га*. СССРдин жалпы Т. фонду 1 234,5 млн *га* (1966), б. а. өлкөнүн бүт аймагынын 50%чеси; Кырг-нда жалпы Т. фондунун аянты 2682 миң *га*га (1976) барабар.

Жыгач өндүрүү үчүн Т. курулуш ж-а бир катар ө. ж. тармагында (мебель, кагаз-целлюлоза, химия, ширенке, тамак-аш, фармацевтика ж. б.) зор маанге ээ. Т-ду мекендеген айбанаттар м-н куштарга аңчылык кылынат. Т-до момо, жемиш, дары, боёк өсүмдүктөрү ж. б. өсөт. Ным сактоо, талаа коргоо, климат, о. эле коргонуу (чеп) жагынан да Т. зор роль ойнойт. Адамдын ин аракетинен жер бетиндеги Т. өсүмдүгү сан жагынан гана эмес, сапат жагынан да өзгөрүүдө. Т-ду пайдалануу, сактоо, калыбына келтирүү, токой жаңыртуу, жаңыдан бак-дарак көчөтүн тигүү, талаа коргоо токоюн түзүү сыяктуу чаралар көрүлүүдө.

Лит.: Дендрология с основами лесной

геоботаники, 2 изд., Л., 1938; Морозов Г. Ф., Учение о лесе, 2 изд., М.—Л., 1949; Гурвич И. Я., Лесные ресурсы мира, 2 изд., Л., 1958; Садыков А. С., Народнохозяйственное значение орехоплодовых лесов Южной Киргизии, Фр., 1964; Пулко Ю. Э., Орехо-плодовые леса Юга Киргизии, Фр., 1965.

ТОКОЙ БАРАК КУЙРУГУ (Dyromys nitedula) — кемирүүчүлөр түркүмүндөгү түр. Денесинин уз. 8—12 *см*, куйругу 10—11 *см*ге жетет. Жону кызгылт-күрөң, боору ак саргыл. Көзүнөн кулагына чейин кара тилке кетет, куйругу жүндүү. Алар Европа, Кичи Азия, о. эле Кырг-ндын токойлорунда кездешет. Жыгач коңулунда, ийинде жашап, жылына бир, Кырг-ндын шартында 2 жолу 2—8 баласын туурйт. Мөмө-жемиш жеп, зыян келтирет.

ТОКОЙ БОНИТЕТИ (*токой* ж-а лат. bonitas — сапаттуулук) — топурак, климат ж-а жер шартына байланыштуу токой кунардуулугун аныктоочу шарттуу көрсөткүч. Токойдогу негизги дарактын жашын эсепке алуу м-н анын орт. бийиктиги б-ча аныкталат. Мында бонитетти — сапат көрсөткүчүн класска бөлүп баалоо шкаласы пайдаланылат. Бонитет 5 класстан турат. I класска эң сапаттуусу, V класска эң начары кирет. Кээде кошумча класс м-н да бааланат. Бардык дарак породасы үчүн жалпы баалоо шкаласы колдонулат. Үрөндүк ж-а жаш бак-дарак үчүн атайын шкала бар.

ТОКОЙ ЖАҢЫРТУУ — токойдун негизги бөлүгүн — дарак өсүмдүгүн ж-а ал аркылуу жер кыртышын, козу карын ж-а бактерия флорасын ж. б. калыбына келтирүү, жаңыртуу. Т. ж. дарак көчөтүн тигүү, уругун себүү, жайгаштыруу, порода б-ча бөлүү ж. б-ды камтыйт да, алар негизги белгилери б-ча бааланат. Токой өсүмдүк уругунан ж-а вегетация жолу м-н табигый, жасалма ж-а аралап жаңыртылат. Табигый Т. ж.— бир катар этаптан туруучу биол. процесс. Жасалма Т. ж-да урук себилет же көчөт отургузулат. Аралап Т. ж-да — табигый ж-а жасалма ык айкалыштырылат.

ТОКОЙ-ЖЫГАЧ ӨНӨР ЖАЙЫ — токойдо жыгач даярдоо, аны иштетүү ж-а кайра иштетүү ө. ж. тармагынын жыйындысы. Токой аз өлкөлөрдө ж-а райондордо жыгач даярдоону токой чарба ишканалары жүргүзөт. Ил.-тех. рев-янын ж-а эмгекти коомдук бөлүштүрүүнүн өркүндөшүнөн өндүрүштүн өз алдынча тармактары пайда болууда (к. *Жыгаччылык өнөр жайы, Целлюлоза-кагаз өнөр жайы, Токой-химия өнөр жайы*). 9-беш жылдыкта Кырг-ндын токой ж-а жыгач ө. ж-нын өндүрүш көлөмү 1,4 эсе, мебель жасоо 1,6 эсе, жыгачты четке чыгаруу 1,2 эсе көбөйгөн.

ТОКОЙ ЗАКОНДОРУ — токойду пайдалануу байланыштуу карым-катнашты жөнгө салуучу укук нормаларынын жыйындысы. Сов. Т. з. токойду рационалдуу пайдалануурга, коргоого, жаңыртып тургузууга ж-а түшүмдүүлүгүн арттыруурга, о. эле тийиштүү мекемелердин, уюмдардын, граждандардын укугун коргоого багытталган. Т. з-нун алгачкы актысы — РСФСР ЭКСтин «Токой жөнүндөгү» декрети (1918). СССР Конституциясына ылайык токой — мамл. менчик. Т. з-на токой кодекстери, жерг. совет, мин-во, ведомстволор кабыл алган нормативдик актылар кирет. СССР Жог. Советинин 1977-ж. 17-июндагы токтому м-н «СССР Союзунун жана союздук республикалардын токой жөнүндөгү закондорунун негиздери» кабыл алынып, союздук респ-каларда кодекстер кабыл алынууда.

ТОКОЙ ЗОНАЛАРЫ — табигый ландшафттарда токой басымдуулук кылган геогр. зоналар. Алар экватор, тропик, субтропик ж-а мелүүн алкактарда болот. Экватор Т. з. экватордун эки жагы б-ча Түш. Америка, Түш.-Чыгыш Азия ж-а Океания а-дарында таралган. Мында табигый процесстер сезонго болунбойт. Туруктуу жог. темп-расы, жаан-чачындын молдугу, латерит топурагы ж-а дайыма жашыл, нымдуу экватордук токою м-н мүнөздөлөт. Тропик алкактарынын Т. з. Флориданын түштүгүндө (АКШ), Вест-Индия, Борб. ж-а Түш. Америка, Африка м-н Австралиянын чыгышында ж-а Океаниянын айрым аралдарында кездешет. Латерит топурагы, нымдуу тропиктик климаты, токой өсүмдүгү мүнөздүү. Нымдын таралышына карата 2 зоначага (нымдуулугу туруктуу тропик токою, нымдуулугу сезондуу тропик токою) бөлүнөт. Субтропик алкактарынын Т. з-нда кышы жумшак, өсүмдүктүн вегетациясы токтолбойт. Үч зоначага (гемигилей, муссондук аралаш токой, жайы кургак жер ортолук дениздик токой ж-а бадал) бөлүнөт. Гемигилей ашыкча нымдуу аймакта (АКШнын түш.-чыгышы, Бразилия бөксө тоосунун түштүгү, Африканын түш.-чыгышы, Жаңы Зеландия а-нын түндүгү) таралган. Жылдык жаан-чачыны 1000 *мм*ден ашык, дайыма жашыл ж-а жайында жашыл токой, кызыл күрөң, сары, кызыл топурак мүнөздүү. Муссондук аралаш токой негизинен Азия, Түн. ж-а Түш. Америка, Австралия материктеринин чыгыш чет жакаларында жайгашкан. Климаты жылуу. Токой өсүмдүгүнүн ар түрдүүлүгү (Чыгыш Кытайда 20 миң) м-н айырмаланат. Жер ортолук дениздик жайы кургак токой ж-а бадалдар негизинен Жер Ортолук дениздин аймагында кездешет. Жайы ысык (18—28°С), кышы салкын (4—12°С), жылдык жаан-чачыны 500—1000 *мм*, тоолордо 2000 *мм*. Ксерофилдүү дайыма жашыл токой, кызыл ж-а сары топурак мүнөздүү. Мелүүн алкактардын Т. з. Евразиянын, Түн. ж-а Түш. Американын, Тасманиянын ж-а Жаңы Зеландиянын жаан-чачындан бууланууга көп болгон аймактарында жайгашкан. Эң суук айларда абанын орт. темп-расы —40°Сден 5°Сге чейин, эң жылуу айларыныкы 10°—20°С. Жылдык жаан-чачыны түздүктө 300—1000 *мм*, тоолордо 2500—3500 *мм*. Мында башка зоналарга салыштырганда токой дарагынын түрү (5—8) аз. Түн. жарым шардагы кышы аязduу материктин чыгыш ж-а ички бөлүгүндө ийне жалбырактуу токой (карагай, кызыл карагай, мырза карагай, кок карагай), аларга аралап кайың, кок терек ж. б. өсөт. Материктин океанга жакын бөлүктөрүндө жазы жалбырактуу токой (эмен, бук, липа ж. б.) кездешет. Тоолордо токой жыгачтарынын түрү бийиктик алкактуулук б-ча өзгөрөт.

Ад.: Физическая география частей света, М., 1963; Берг Л. С., Географические зоны Советского Союза, 3 изд., т. 1, 1947; Барков А. С., Физическая география частей света. Африка, М., 1953; Лукашова Е. Н., Южная Америка, М., 1958; Грацианский А. Н., Природа Средиземноморья, М., 1971.

ТОКОЙ ЗЫЯНКЕЧТЕРИ — токой, дарак ж-а бадал зыянкечтери. Өтө зыяндуусу — курт-кумурскалар, алардан кийинкиси — кенелер ж-а кемирүүчүлөр. Т. з. азыктанышына карата түрдүү зыян келтирет. Жалбырак жегичтер көп ж-а түрдүү. Аларга токой курт-кумурскасынын жалбырак жегич ар кыл түркүмү кирет. Ыңгайлуу шартта булар өтө көбөйүп, жүз миң *га*га чейин тарайт да, дарак жалбырагын жеп, токой чарбасына чоң залал келтирет. Соңгок зыянкечине коңуздар түркүмү (кабык жегич, кыл муруттуулар, шиш тумшуктар), көпөлөк кирет. Алар тканддардын ичинде, кабыктын астында ж-а соңгокту оюп, көбүнчө илдеттүү даракка уялайт. Тамыр зыянкечтерине сиркесин топуракка таштап көбөйчү тамыр жегич түрдүү коңуз кирет. Токой дарагынын урукчул, данекчил зыянкечтери да бар. Т. з-не инсектицид чачылат, курт-кумурскачыл канаттуулар, токой кумурскалары көө берилет.

Ад.: Воронцов А. И., Биологические основы защиты леса, М., 1963.

ТОКОЙЛУУ ТАЛАА ЗОНАЛАРЫ — Жер шарындагы талаа ж-а токой ландшафты басымдуу болгон геогр. зоналар. Субтропик алкактардын Т. т. з., мелүүн алкактын Т. т. з. болуп болүнөт. Субтропик алкактардагы Т. т. з. Түн. Америкада (Борб. түздүктөрдүн батышы ж-а Мексика бою ойдуңу), Түш. Америкада (Бразилия тайпак тоосунун түштүгү, Эки суу арасы, Пампанын чыгышы), Африканын түш.-чыгышында, Австралия тоолорунун батыш өңдүрүндө кездешет. Климаты мелүүн континенттик. Орт. айлык темп-расы 4°Сден 24°Сге чейин, жылдык жаан-чачын 600—1200 *мм*. Кызгылт-кара топуратуу. Талаа өсүмдүктөрү, сейрек токой ж-а бадал өсөт. Мелүүн алкактын Т. т. з. Евразияда (Орто Дунай ойдуңунан Алтайга чейин; о. эле Сибирдин түштүгү, МЭР, Ы. Чыгыш ж-а Кытайдын түн.-чыгышында), Түн. Америкада (Улуу түздүктөрдүн түндүгү, Борб. түздүктөрдүн батышы) таралган. Түш. жарым шарда кезиккейт. Климаты мелүүн континенттик. Январдын орт. темп-расы —5°Сден төмөн, июлдуку 18—25°С, жылдык жаан-чачыны 400—1000 *мм*. Токой (жазы ж-а күзүндө жалбырактуу), чөп (шалбаалуу талаа ж-а прерия) өсүмдүктөрү өсөт. Боз токой ж-а кара топуратуу. Токой ж-а талаага мүнөздүү айбанаттар мекендейт.

Ад.: Берг Л. С., Географические зоны Советского Союза, 3 изд., т. 1, М., 1947; Мильков Ф. Н., Лесостепь Русской равнины, М., 1950; Игнатьев Г. М., Северная Америка, М., 1965.

ТОКОЙЛУУ ТУНДРА ЗОНАСЫ — Түн. жарым шардын субарктика алкагындагы табигый зона. Тундра ж-а мелүүн алкактын токой зоналарынын аралыгында. Зонанын түн. бөлүгүнүн 10—20%ин, түштүгүнүн 40—50%ин токой ж-а сейрек токой ээлейт. Т. т. з. Европанын түндүгүндө, Азияда ж-а Түн. Америкада жазылыгы 30—50дөн 300—400 *км*ге чейинки тилкени пайда кылат. Климаты субарктикалык. Июлдун орт. темп-расы 10—14°С, январдыкы —10°Сден —40°Сге чейин. Жылдык жаан-чачыны 200—400 *мм*. Көп жылдык тоң ж-а саздак жер кеңири тараган. Глейлүү-күл, чым көң-саз топуратуу. Сейрек токой (кайың, карагай, мырза карагай, кызыл карагай ж. б.), тундра (мох-эңилчек бадал ж. б.), саз ж-а шалбаа өсүмдүктөрү басымдуу. Тундра ж-а тайга токоюна мүнөздүү жаныбарлар мекендейт. А. ч-нын негизги багыты — бугу асыроо.

Ад.: Мильков Ф. Н., Природные зоны СССР, М., 1964; Игнатьев Г. М., Северная Америка, М., 1965.

ТОКОЙ МӨЛМӨЛҮ — алмурут сорту. Батыш Европадан таралган. Кырг-нда негизги сорт катары өстүрүлүп, мол түшүм алынат. Ысыкка байымсыз, аз жашайт. Шагы бийик ж-а ийилчээк, жалбырагы суйдак. Мөмөсү ирдүү, тоо этегинде эрте күздө, тоолуу зонада коңур күздө бышат. Сулпу ак саргыл, ширелүү, даамы ширин.

Ад.: Основы плодоводства Киргизстана, под ред. Э. З. Гареева, Фр., 1971.

ТОКОЙ ӨРТҮ отту туура эмес колдонуудан пайда болот. Ал токой чарбасына чоң зыян келтирет: көп бак-дарак күйөт, бак-даректын өсүшү, токойдун составы начарлайт, зыянduу курт-кумурска м-н залалduу козу карындар көбөйөт, топурак күрдүүлүгү төмөндөйт. Көбүнчө кыртыштама Т. ө. кездешет. Анда токойдогу чиринди чөп-чар, куурай, жалбырак, бутак, чегедек, тобурчак күйөт да, өрт саатына 0,25—5 *км*ге жетет. Үстүрлөмө Т. ө-нде бак-дарак ж-а чөп-чар мүлдө күйөт да, саатына 5—25 *км*ге тарайт. Жердеме Т. ө-нде жердин чириндилүү катмары м-н бак-дарак тамыры күйүп, суткасына ондогон же жүздөгөн метрге жайылат. Т. ө. даректардын түрүнө жараша болот. Алдын алуу ж-а күрөш чарасы: өрттөн сактануу ж-а аны болтурбоо чараларын ээлө түшүндүрүү; токой арасын таза кармоо; өртко каршы тилке түзүү.

ТОКОЙ ӨСҮМДҮКТӨРҮ — 1) эгилме же тигилме дарак жө бадал өсүмдүктөр. Мурдагы токойлуу жерде Т. ө-н өстүрүү токойду жасалма калыптандыруу, ал эми жаңы жерге өстүрүү токой өстүрүү деп аталат. Мындай жерде өстүрүлгөн Т. ө. табигый токойго караганда түшүмдүү келип, кыйылган өсүмдүктүн орду тез толуктalып турат. Россияда Т. ө-н отургузуу 16-к-дан башталган. 1917-ж. Россияда 891 миң *га* жерди Т. ө. ээлеген. Улуу Окт. Соц. рев-ясынан кийин Т. ө-н өстүрүү тез өнүгүп, Т. ө. 1976-ж. 30 млн-чо *га*ны ээлеген. Т. ө. жыш, сейрек, утурумдук болуп бөлүнөт. Жыш Т. ө. таза (бир эле породадан) же аралаш (бир нече породадан) отургузулат. Т. ө-нүн түбү 15—30 *см*, айрым жерде 40—50 *см* тереңдикте иштетилет. СССРде Т. ө-нүн болжол м-н 70% тигилет, ал үчүн 1—3 жылдык көчөт, кырчын колдонулат. Ийне жалбырактуу ж-а аралаш токойдо негизинен карагай, кызыл карагай, эмен, терек ж. б. отургузулат. Чиригендери жаңысы м-н алмаштырылат. Кырг-нда Т. ө-н түзүү 1948-жылдарда башталып, 1976-ж. 121 482 *га* аянты эсептелген. Арстанбап, Сары-Челекте табигый жаңгак, мисте, алма, чие, карагай өңдүүлөр өсөт. Булардын мөмө-жемиши жыл сайын жыйналып, мамлекетке өткөрүлүп, чет мамлекеттерге жөнөтүлөт. Аралаш токойлор да кездешет. 2) Кол м-н тигилген токой ж-дөгү теориялы ж-а практиканы иштеп чыкчу ил. тармак. Анын токой урук таануу, токой питомниги, токой өсүмдүктөрү, баалуу токой түзүүчү өсүмдүктөр, кооз өсүмдүктөр, тамак-аштык, тех. дарак ж-а бадал породалары, токой мелиорациясы бөлүмдөрү бар.

Ад.: Справочник лесничего, 2 изд., М., 1965.

ТОКОЙ ПАРКЫ — шаардагы, о. ж. борборундагы ж-а жумушчу посёлкасындагы токой массиви. Ал аймакты жашылдандыруу, ландшафтты байытуу, о. эле эмгекчилердин эс алышы үчүн түзүлөт. Т. п. бир нече жүздөн 2—3 миң *га*га чейин болот. Мында токой участкасынын өзгөчөлүгү эске алынып, жаңы көчөттөр тигилет, жол салынып, жаңы көлмө жасалып, эскилери оңдолот, эс алуу жайлары кузурулат. Паркта аңчылыкка, чөп чарбууга, мал жаюуга тыюу салынат. Куш ж-а айбанат үчүн азыктандыргыч жасалып, кышында жем-чөп чачылат.

ТОКОЙ ПИТОМНИГИ — 1) токой көчөттөрүн өстүрүүчү чарба; 2) токой көчөттөрү өстүрүлүүчү аймак же участка. Т. п-нин токой, токой-мелиорация, жашылдандыруу түрү бар. Аянты б-ча чакан (3 *га*), орто (3—20 *га*) ж-а ири (20 *га*дан арбын) болуп болүнөт. Убактылуу Т. п-нде көчөт бир жолу же бир нече жыл (5 жылча) өстүрүлөт. Мындай питомник токой, токой ө. ж. чарбаларынын карамагында болот да, токой өстүрүүчү жерге чектеш жайгаштырылат. Убактылуу Т. п. Кырг-нда Пржевальск ж-а Өзгөн токой чарбаларында кездешет. Туруктуу Т. п. узакка пайдалануурга арналып, озунчө ишкана катары эсептелет. Т. п. үчүн көбүнчө күр топуратуу, түзөң жер колдонулат. Анын бөлүмдөрүндө кооз өсүмдүк, тех. дарак ж-а бадал породалары, мөмө багы, жүзүмзар ж. б. бар. Мында кыйыштырма материал, кырчын, урук даярдалат. Даректын ж-а бадалдын баалуу түрү ж-а формасы чыгарылат.

ТОКОЙ РЕСУРСТАРЫ — өлкөнүн аймагындагы *токой* запастары ж-а жыгач эмес (төт, аңчылык ресурстары, жапайы мөмө-жемиш, дары-дармек өсүмдүктөр, козу карын ж. б.) байлыктары бар табигый ресурстардын негизги түрлөрүнүн бири. Жер шарындагы кургактыктын 30%чесин токой ээлейт. СССРде дүйн. Т. р-ныи 1/5 бөлүгүнөн көбүрөөгү бар, анын 53,3% жер шарындагы ийне жалбырактуу породалар. Болгарияда 3183 миң, Чехосл-яда 4445 миң, ГДРде 2724 миң, Венгрияда 1421 миң, Польшада 8314 миң, МЭРде 25 млн *га* токой аянты бар. Т. р. АКШ, Канада ж-а Бразилияда арбын. Бирок капит. өлкөлөрдө Т. р-н чаржайыт пайдаланғандыктан запасы азаюуда.

СССРдин бардык токою Бирдиктүү мамл. токой фондусун түзөт. СССРдин (1966-жылкы атайын маалымат б-ча) жалпы токой фондусу 1234,5 млн *га*, токой аянты 915,8 млн *га*. Токой өсүмдүгүнүн 90%тен көбү Сибирь, Ы. Чыгыш ж-а өлкөнүн европ. бөлүгүнүн түндүгүндө өсөт. Кырг-нда 2682 миң *га* жалпы токой фондусу бар. Киши башына 0,23 *га* туура келет.

Сапаттуу тактай тилингендиктен токой ө. ж-нда көбүнчө ийне жалбырактуу ж-а жазы жалбырактуу породалар керектелет. Токой арасында мал жайылат, чөбүнөн төөт камдалат. Мөмө-жемиши (жаңгак, алма, карагат ж. б.) өтө баалуу. Токой булгун, калтар, тыйын чычкан, көён, ондатра сыяктуу куну айбанат үчүн ж-а бакма аары өстүрүүгө ыңгайлуу жай болуп эсептелет.

Ад.: Васильев П. В., Лесные ресурсы СССР сегодня и завтра, М., 1969.

ТОКОЙ ТААНУУ, *токой жөнүндөгү илим* — токой табияты, андагы даректар ж-а бадалдар (к. *Дендрология*), чөптөр, о. эле кылкасыз өсүмдүктөр, алардын геогр. таралышы ж-дөгү илим. Токойду ар тараптан изилдөөнүн натыйжасында далилденген ж-а *токой ресурстарын* туура өздөштүрүү б-ча пайдаланылып жаткан чаралар системасындагы закон ченемдерди илимпоздор көп жыл бою изилдеген, бирок Т. т. 20-к-дын башында гана өзүнчө илим катары негизделген. В. В. Докучаевдин зоналык жер кыртышы ж-дөгү окуусу-

нун негизинде ж-а практиктердин ж. б. коп токойчу илимпоздордун (Н. Д. Суходский, В. Я. Добровлянский ж. б.) тажрыйбасын эске алуу м-н 1902—12-ж. Г. Ф. Морозов токой тууралуу окууну түзгөн. Морозовдуку б-ча Т. т.— *токойчулуктун* теориялык негизи. Ал токой породаларынын, көчөтөрүнүн биол. өзгөчөлүктөрүн ж-а касиеттерин, зоналык типтерин, табигый алмашын турушун ж. б. иликтейт. Т. т-нун өнүгүшүнө В. Н. Сукачёвдун биогеоценология б-ча пикири да зор роль ойногон. Т. т. конкреттүү экономиканы эске алуу м-н физ.-геогр., биол. ж. б. илимдердин негизинде өнүгөт. Т. т. б-ча изилдөөлөр СССР ИАнын токой таануу лабор-ясында, СССР ИАнын Сибирь бөлүмүндөгү Токой жана жыгач ин-тунда ж. б. ил. мекемелерде жүргүзүлөт. Кыргыз ССР ИАнын токой бөлүмү, Ботан. багы да ил. иштерди жүргүзүүдө. Т. т. сабак катары токой ин-ттарында, биол. ф-тетерде өтүлөт. Материалдар «Лесное хозяйство», «Ботанический журнал», «Кыргызстан айыл чарбасы» ж. б. журналдарда басылат.

Лд.: Морозов Г. Ф., Учение о лесе, Избр. труды, т. 1, М., 1970.

ТОКОЙ ТАКСАЦИЯСЫ (лат. taxatio—баалоо) — *токой* каттоо, байлыгын баалоо, бак-даракка тех. мүнөздөмө түзүү, алардын жашын, запасын, айрым даректын өсүшүн, көлөмүн аныктоо ж-а эсептөө. Т. т-н жүргүзүүдө авиация ж-а жерден баалоо колдонулат. Аэротаксацияда токой суротко тартылат. Жерден баалоодо дарак саналат, түрдүү курал, прибор м-н болжолдон эсептелет. Көбүнчө айкалыш эсептөө методу колдонулат. СССРде токой мезгил-мезгили м-н бааланат. Т. т. токой каттоо, токой чарбасын уюштуруу ж-а жүргүзүү үчүн негиз болот.

ТОКОЙ УРУК ЧАРБАЧЫЛЫГЫ СССРде — токой даректары м-н бадалдардын жог. сапаттуу уруңун, уругун даярдоо чараларынын жыйындысы. Анда урук даярдоону райондоштуруу, токой уругун жеткирүү, убактылуу ж-а туруктуу урук участкаларын чектөө, атайын урук плантацияларын түзүү иштери жүргүзүлөт. Урук участкасына илдетен таза, мыкты даректын табигый көчөтөрү жайгаштырылат. Убактылуу урук участкасына токою кыйылчу аянт болүнөт да, тобурчак кыйылган карагайдан даярдалат. Атайын урук плантациясында илдетсиз, шактуу, сөңгөгү туз, мыкты даректардын уругу себилет. Ар плантацияга кеминде 10 түрлүү карагай, бак-дарак эгилет же тигилет. Даректардын уругун токой чарбалары, токойчулук мекемелер ж-а атайын токой урук чарбалары даярдайт.

ТОКОЙ ФОНДУСУ, к. *Токой ресурстары.*

ТОКОЙ-ХИМИЯ ӨНӨР ЖАЙЫ жыгачты хим. иштетүүгө негизделген. Ага жыгачты кызытуу жолу м-н составдык болуктөргө ажыратуу, көмүр өчүрүү ж-а түрдүү канифоль-скипидар өндүрүшү кирет. Рев-яга чейинки Россияда Т.-х. о. ж. чайыр, көмүр, кара май, аз санда скипидар, уксус к-тасы ж. б. продуктулар чыгарган. Уралда металлургия о. ж-нын өнүгүшүнө байланыштуу көмүр өчүрүү мурда эле тараган. Чайыр негизинен Түндүктө алынган. 19-к-дын 20-жылдарында Россияда уксус к-тасын ж-а уксус кычкыл патрий чыгарчу биринчи завод курулган. Гражд. согуш ж-а согуш интервенциясы учурунда Т.-х. о. ж. бир кыйла жана чеккен. Алгачкы эки беш жылдыкта (1929—37) мурдагы токой-химия ишканалары реконструкцияланып, жаңылары курулган. 1931-ж. канифоль ж-а скипидар өндүрүү б-ча СССР дүйнөдө 2-орунду (АКШдан кийин) ээлеген. Согуштан кийинки жылдары Т.-х. о. ж. өлкөдө ото тез өнүктү. Соц. өлкөлөрдө (Болгария, Венгрия, Польша, Румыния, Чехосл-я, Югосл-я) канифоль, скипидар, көмүр ж. б. продукт чыгарчу токой-химия ишканалары бар. Т.-х. о. ж. АКШ, Канада, Швеция, Финляндия, Франция ж. б. капит. өлкөлөрдө да кыйла өнүккөн.

ТОКОЙ ЧАРБАСЫ — *токойду* изилдөө, каттоо, көбөйтүү ж-а аны өрттөн, зыянкеч м-н илдеттен сактоочу, эл чарбасын керектүү жыгач ж. б. токой продукциясы м-н камсыз кылуучу коомдук өндүрүш тармагы. Т. ч. узак мөөнөттүү өндүрүш процесси м-н айырмаланат (50—100 жыл). Т. ч-нын максаты — азыркы ж-а кийинки муундардын кызыкчылыгы үчүн *биосфераның* маанилүү компоненти катары токойду коргоо ж-а туура пайдалануу уюштируу. Т. ч-ныи принциптери — токой пайдалануу дайыма камсыз кылуу, *токой ресурстары* м-н токой фондусунун жерин толук ж-а туура пайдалануу, өз убагында токойду жаңыртуу, кунардуулугун ж-а сапатын арттыруу, токойду өрттөн, зыянкечтен ж-а илдеттен сактоо. Капит. өлкөлөрдө токойдун басымдуу бөлүгү менчик болгондуктан Т. ч-нан жог. кирепе алууга кызыгып, аны аёосуз бүлдүрөт. Т. ч-ныи келип чыгышына гражд. ж-а коргоо курулуштарының, а. ч. өндүрүшүнүн ж. б-дын өнүгүшү түртүү берген. 18-к-дын башынан 1917-жылга чейин Россияда 900 миң *га* токой болгон. 1918-ж. В. И. Ленин Т. ч-н жаңы принципте өнүктүрүү максатында ЭКСтин кайрылуусуна кол койгон. Компартия ж-а Совет өкмөтү Совет бийлигинин биринчи күндөрүнөн токойду туура пайдалануу ж-а коргоо ж-дө туруктуу кам көрүүдө. Токой фондусу эл чарбада пайдаланышына жараша жалпы мамл. ж-а жерг. болуп айырмаланат. 1943-ж. токойду пайдалануу маанисине жараша 3 топко бөлүшкөн. Бул Т. ч-н дифференциялуу жүргүзүүгө ж-а токойду маанисине жараша рационалдуу пайдалануута, аны көбөйтүүгө шарт түздү. Биринчи топко мамл. коруктар, кыртыш, талаа коргоочу ж-а курорттук токойлор, шаардын, калк жашоочу пункттардын жашыл аймактары, Батыш Сибирь токойлору кирет. Экинчи топто эксплуатациялык маанидеги токойлор. Үчүнчү топ эл чарбасынын жыгачка муктаждыгын канааттандырат. СССР мамл. токой чарба комитети өлкөдө Т. ч-н жүргүзүүдөгү мамл. башкаруу органы, ага союздук-респ-калык мамл. комитеттер ж-а Т. ч. мин-волору баш нет. Токойду өстүрүү ж-а калыбына келтирүү максатында өлкөдө токой питомниктери, токой үрөн чарбасы уюштурулууда. СССРде Т. ч-ныи өнүгүшү токой чарба илимдеринин жетишкендиктерине ж-а квалификациялуу адистерди даярдоого негизделген. Өлкөдө Т. ч. б-ча изилдөөлөрдү 14 ил. из. ин-ту, 2 ил. из. лабор-ясы, 58 токой тажрыйба станциясы, 14 токой тех., технол. ж-а а. ч. ин-ттары жүргүзүүдө. Т. ч. Кырг-ндын аймагында да жакшы өнүгүүдө, 2682 миң *га* токой фондусунун 659 миңин токой ээлейт. Эл чарбасында пайдаланышы б-ча 1-топтогу токойго кирет. Токой фондусунун аймагында токойду көбөйтүү, калыбына келтирүү максатында көчөттөр өлтүргүзүлүп, зыянкечтерге ж-а илдеттерге каршы чаралар жүргүзүлүүдө. Токойду кыюуга, мөмө токоюнда мал жаюуга тыюу салынган. Кырг-ндын жаңгак ж-а мөмө токоюнан жылына 1300—1500 *т* жаңгак, 80—100 *т* мисте, 3000—4000 *т* алма ж-а алча жыйналат. Чет өлкөлөрдө элдин муктаждыгын канааттандыруу үчүн Т. ч-н пайдалануунун өсүшү аны интенсивдештирүүгө алып келүүдө. Токой калыбына келтирилип, жаңылары түзүлүүдө.

Лд.: Маркс К., Капитал, Маркс К., Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 24; Мелехов И. С., Проблемы современного лесоводства, М., 1969.

ТОКОЙ ЧУЛДУК (Scolopax rusticola) — маарак чулдуктар уруусунун түрү. Уз. 34—38 *см*, салм. 270—350 *г*. Чоңдугу кичи бактектей. Шыйрагы кыска (32—38 *мм*), тумшугу узун (70—76 *мм*). Канаты жазы, тегерегирээк. Түсү карала чаар келип, көгүш күрөң. СССРде Т. ч. токой, токойлуу (өзгөчө кайың, теректүү) талаа ж-а тоо токойлорун мекендейт. Кырг-ида Ат-Башы токоюнда биринден уялайт. Ургаачысы 4 жумуртка туун, 20—24 күн басат. Т. ч. көбүнчө сөөлжан ж. б. курттарды жейт. Эти даамдуу.

ТОКОЙЧУЛУК—1) өсүмдүк өстүрүүчүлүктүн жыгач ж. б. токой продуктусун алуу, коргоо, суу жөндөө, дарылык, эстетикалык максат үчүн токой өстүрүүчү тармагы. Кээде «Т.» кеңири түшүнүктө токой чарбасы түшүнүгүн да берет. 2) Токой жаратылышы, токойду көбөйтүү, сапатын жакшыртуу, кунардуулугун жогорулатуу ж-дөгү илим. Ал илим катары токой таануу (токой жаратылышы ж-дөгү окуу) ж-а кадимки Т., ал эми

жог. окуу жайларда Т. сабак катары жалпы Т., ж-а айрым Т., болуп болүнөт. Т. ж-дөгү алгачкы түшүнүктөр Байыркы Греция м-н Байыркы Римде эле пайда болгон. Б. з. ч. 300 жыл мурда Теофраст китептеринин бирин токой өсүмдүктөрүнө арнаган. Рим акыны Вергилий токойду багуу ж-дө кээ бир жоболорду иштеп чыккан. Т-ка ил. жактан кызыгуу Европада 18-к-да башталган. Ал К. Линней, Дюамель дю Монсо (Франция), М. В. Ломоносов, А. Т. Болотов ж. б-дын ысмына байланыштуу. 19-к-дын 1-жарымында Европанын көп өлкөлөрүндө жог. токой окуу жайлары уюшулган. Россияда 1803-ж. Токой ин-ту (азыркы С. М. Киров атн. Ленинград токой тех. академиясы) ачылган. СССРде Сибирь, Ы. Чыгыш, Урал, О. Азия, Кавказ ж. б. аймактардын токойлору изилденүүдө. Т. илимине Улуу Окт. рев-ясынан кийин У. Н. Высоцкий, В. Н. Сукачёв, М. Е. Ткаченко ж. б. ири салым кошушкан. Т-та токой ресурстарын туура пайдалануу ж-а токой өртүн болтурбоо, токойдун өсүшү үчүн табигый шартка таасир тийгизүү (токой кургатуу мелиорациясы, жер семирткич чачуу ж. б.), тез өсүүчү ж-а купардуулугу жогору породаларды өлтүргүзүү сыяктуу маселелер зор роль ойнойт. Т. токойду туура пайдалануу, кыюу, жаңыртуу, көчөттөрдү тигүү сыяктуу теорияны ж-а практиканы да иликтейт. Т. илими ж-а практикасы үчүн геогр. аспектилердин мааниси зор. Өлкөнүн түрдүү геогр. аймактарына жараша токой чарбасы б-ча практикалык чаралар иштелип чыгууда. Т. маселелерин чечүүдө биология, физика, математика ж-а кибернетиканын азыркы методдору колдонулат. Токой чарбасы б-ча пл. маселелер ил. из. ин-ттарда, жог. окуу жайларда, токой тажрыйба станцияларында иштелет. Ил.-практикалык маселелер академияларын, ин-ттардын эмгектеринде, монографияларда, журналдарда басылат.

Лд.: Ткаченко М. Е., Общее лесоводство, 2 изд., М., 1955; Морозов Г. Ф., Избр. труды, т. 1—2, М., 1970—71; Мелехов И. С., Лесоведение и лесоводство, 2 изд., М., 1972.

ТОКОЛ — уй, кой, эчки ж. б. жаныбарлардын мүйүзүнүн түбаса жоктугу. Т. мал мүйүздүүгө караганда жоош ж-а коопсуз болот. Уйдун абердин-ангус, печора ж-а вычегда, койдун гемпшир, шропшир, суффолк ж-а саутдаун породасы Т. малга кирет.

ТОКОЛ — эки же андан көп аялдуу кишинин *байбичеден* кийинки аялы. Калың төлөө, *кыз ала качуу* м-н бирге таптык коомдо пайда болуп (к. *Полигамия)* аялдардын коомдогу ж-а үй-бүлөдөгү теңсиз, укуксуз абалын чагылдырган. Патриархалдык-феод. мамилелер үстөмдүк кылган коомдо Т. алууга бай-манаптардын гана кудурети жеткен. Кедейлер арасында Т. алуу кеңири тараган эмес. Азыр көп аял алуучулук сов. закон тарабынан (Кыргыз ССР УКнын 117-статьясы б-ча) кылмыш катары аныкталат.

ТОКОЛ ТОО (кряж) — көбүнчө жону тайпак, тегерек, узатасынан созулган дөңсөө. Т. т.— адатта ото талкаланган эзелки кырка тоо калдыгы (мис., *Тиман токол тоосу, Донец токол тоосу*).

ТОКОМБАЕВ Аалы (жашырын аты — Балка; 7. 11. 1904-ж. т., Пишпек у., Атаке-Сарыбагыш болушу, Чоң-Кайыңды айлы, азыркы Кемин р-ну, Чоң-Кайыңды кыш.) — кыргыз совет жазуучусу, кыргыз совет ад-тын негиздөөчүлөрдүн бири, коомдук ишмер. Кыргыз ССР эл акыны (1945), Кыргыз ССР ИАнын акад. (1954), Соц. Эмг. Баатыры (1974). 1927-жылдан КПСС мүчөсү. Кедейдин уулу. Т. 1916-жылкы үркүндө ата-энеси м-н Кытай жерине барган. Кырг-ига кайра келе жатканда ата-энесинен, бир туугандарынан ажыран, жетим жүрүп чоңойгон. 1922-ж. мал айдаган кишилер м-н Ташкенге барып, жетимдер үйүнө кирген. Алты айлык парт. мектепке кирип, сабатсыздыгын жойгон. 1927-ж. *Орто Азия коммунисттик университети* бүткөн. 1927—29-ж. «Кызыл Кыргызстан» газетасында, 1930—31-ж. Москвадагы Борб. басманын кыргыз секциясында редактор, 1931—34-ж. Кыргызмамбаска баш редактор, 1934—39-ж. Кырг-н жаз. союзуна пред-ль, 1939—49-ж. «Советтик Кыргызстан» журналына редактор, СССР ИАнын Кыргыз филиалынын Тил, ад-т ж-а тарых ин-туна директор, 1955—56-ж. «Чалкан» журналына редактор болгон. 1959-жылдан чыг-лык иште. Чыг-лыгы 1922-ж. башталган. Басмага жарыяланган туңгуч ыры — «Октябрдын келген кези» («Эркин Тоо», № 1, 1924). Алгачкы ыр жыйнагы «Ленин тууралуу» деген ат м-н 1927-ж. жарык көргөн. Мында поэтикалык формада пролетариаттын улуу жол башчысынын өлүмү каламык тарыхындагы зор жоготуу экенин көрсөтүүгө, анын өлбөс-өчпөс осуяттарын даңазалоого, аларды калкка жайылтууга аракет кылат. Т-дин алгачкы чыг-ларына, бир жагынан, фольклорду чыг-лык м-н өздөштүрүү, экинчи жагынан, жазма ад-ттын реалисттик методун үйрөнүү мүнөздүү. 1929-ж. чыккан «Алдар айнеги» аттуу ыр жыйнагында эки доордогу аял турмушу салыштырылып, аялдарды жаңы заманды курууга белсене катышууга чакырат. 20-жылдардын аягы — 30-жылдардын башында Т. кыргыз жазуучуларының ишин жөнгө салууга чоң эмгек сиңирген: «Кызыл учкун» адабий ийримин, «Чабуул» журналын уюштурушун, «Чабуулга» түңгуч редактор болгон. 1934-ж. СССР жаз. союзунун 1-съездине катышып, М. Горький м-н жолугушу Т-ге зор чыг-лык дем берген.

30-жылдардын биринчи жарымында жарыяланган «Эмгек гүлү» (1931), «Атака» (1932), «Абалкы ырлар» (1934), «Иргелген ырлар» (1935) ыр жыйнактары, «Туткун Марат» (1930) поэмасы, публ. макалалары Октябрдын аркасы м-н өзгөргөн эл, жер, тап күрөшү, соц. коомдун артыкчылыгы, эскинин калдыктарына каршы күрөш, аял азаттыгы сыяктуу учурдун актуал маселелерин камтыйт. «Тууган эл» (1940) ыр жыйнагы кыргыз жергесиндеги экон., маданий, социалдык ж-а саясий бурулуштар ленидик улут саясатынын, СССР элдеринин бузулбас достугунун натыйжасы экенин даңазалаган ырлардан куралган.



А. Токомбаев.

30-жылдардын аягы—40-жылдардын башында Т. лирикалык-романтикалык прозанын чебери катары көрүнгөн: «Днестр терең деңизге куят» (1939), «Жараланган жүрөк» (1940) повесттери, «Күүнүн сыры» (1940), «Даат», «Акылмандын жообу» ж. б. әңгемелери. «Днестр терең деңизге куят» повестинде Батыш Украина эмгекчилеринин польшалык пандарга каршы күрөшүн инсенимдүү көрсөтүп, чыныгы революционерлердин образын түзгөн. «Жараланган жүрөк» — автобиографиялык мүнөздө жазылган чыгарма. Ошондой болсо да жазуучу мында реалисттик жалпылоого, типтүү образдарды түзүүгө, эки доорду өз көздөрү м-н көргөн адамдардын мүнөздөрүн терецинен ачууга жетише алган.

Т-дин Улуу Ата Мек. согуш мезгилиндеги чыг-лары ар кыл жанрда жазылган: «Түбөлүк жыргал үчүн» (1941), «Алкоо» (1944), «Жүрөк күүсү» (1944) ыр жыйнактары, «Ант» (1943), «Намыс», «Токой көжөюндары» пьесалары, «Апырбай» (1943) очерки ж-а публицистикалык макалалар. Т. баатырдык, эр жүрөктүүлүк, ата журт үчүн курман болуу сыяктуу адлик асыл сапаттарды даңазалап, сов. жоокерлердин душман м-н жан аябай күрөшүүгө, тылдагы эмгекчи элди кажыбас эмгекке чакырат. «Меагил учат» (1947) — Т-дин проза да замандаштарының мүнөздөрүн, мамилелерин сүрөттөөдө реалисттик чеберчилиги өсөнүнө айкын далил болчу повесть. Анда кыргыз совет интеллигенциясының өсүп чыгышы, ага шарт түзгөн коомдук түзүлүштүн артыкчылыгы жог. идеялык-көркомдукто көрсөтүлөт. 50-жылдары «Оз көзүм менен» (1952), «Майлыбай» (1953), «Менин метрикам» (1955) аттуу поэмаларды жараткан. «Оз көзүм менен» — кыргыз совет поэзиясында социалдык-эпикалык тереңдиги, масштабдуулугу, окуялардын өнүгүшүнүн динамикалуулугу м-н барталган поэмалардан. Мында акын орто дыйкандын прилешкен

чарбага жасаган мамилесин, ага ыктоо процессин, психикасындагы өзгөрүштөрдү ишенимдүү көрсөткөн. Эки доордун жандуу күбөсү болгон кыргыз карыясынын бүгүнкү турпаты, анын аң-сезиминдеги бурулуштар «Майлыбай» (1953) поэмасынын лейтмотивин түзөт. «Менин метрикамда» (1955) рев-яга чейин кыргыз элинин дүйн. мад-ттын кан жолунан алыс калганын лирикалык каармандын образы аркылуу жалпылаштырат.

Т-дин согуштан кийинки поэзиясында тынчтык («Тынчтык ыры», «Биздин туу», «Тынчтык урааны» ж. б.), сов. турмуш («Коммунизм өңүмдө», «Волга менен сүйлөшүү», «Ленин китепканасынын окуучуларына» ж. б.), айыл турмушу («Аялга», «Жаңсап кой» ж. б.), Ата журт («Биздин жер», «Мекеним», «Кыргызстаным» ж. б.), эл достугу («Сага данк», «Казак элине», «Низамиго», «Алишер Навои», «Жаша, Украина» ж. б.) темалары башкы орунда турат. Акын бул мезгилде пейзаждык («Жайкы таңда», «Ысык-Көл») ж-а филос. («Эгер болсом...», «Карылык» ж. б.) лириканын да мыкты үлгүлөрүн берген.

50-жылдардын аягы — 60-жылдардын башында Т-дин поэтикалык үнүнүн бийиктигин, тематикалык, идеялык, көркөмдүк горизонтторунун жаңы чектерин ырастаган чыг-лары жаралды: «Турмуш» (1955), «Лирика» (1958) ыр жыйнактары, «Комуз күүсү» (1962) поэмасы ж. б. 60-жылдары эл турмушунан алып «Солдат элек» (1965) повестин, улуу акын Токтогул ж-до «Токтогул» романын (бүтө элек) ж-а «Тергөө жүрүп жатат» (1962), «Өлбестүн үрөнү» (1963), «Күндүн чыгышы» (1969) драмалык чыг-ларын жазды. «Өлбестүн үрөнү» кыргыз урууларынын өз ыктыяры м-н Россияга кошулушун, уруу тоболдору баштаган чыр-чатактарды, карапайым элдин тынчылык, азаттык эңсеген үмүт-тилегин, орус элинин прогрессчил өкүлдөрү м-н достугун көрсөтүүгө арналган. «Күндүн чыгышы» Октябрдын таңынын кыргыз жергесинде атышын баяндаган социалдык драма.

Ыр м-н жазылган «Таң алдында» (1962; Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамл. сыйл., 1967) романы — Т-дин чыг-лыгынын туу чокусу, кыргыз элинин тагдырындагы өткөөл доорду чагылдырган көркөм эпопея. Анын өзөгүн кыргыз элинин падышалыкка каршы улуттук-бошт. кыймылы түзөт. Роман 30 жылга жакын убакытта жазылды. Чыгарманын тарыхый мүнөзү 1916-жылкы кыргыз элинин көтөрүлүшү, анын Кытайга качып барып келген, жолдо көргөн азап-тозогу, Кырг-нда Совет бийлигинин орношу өңдүү тарыхый окуялар м-н шарттанып, өзөл учурдагы эл турмушу, анын өзгөчөлүктөрү — улуттук аң-сезим, социалдык экон., саясий абал, тап күрөшү — нукура реалисттик чеберчилик, көтөрүңкү пафос м-н кеңири полотнодо тартылат. Андагы Алымкул, Жунуш, Мурат, Мария, Антон, Железновдор — доор мүнөзүн чагылткан типтүү образдар.

Т-дин чыг-лыгы көп жактуу. 50 жылдан ашык чыг-лыгында көркөм ад-ттын дээрлик бардык жанрында үзүрлүү эмгектенип, терең идеялуу, жог. көркөмдүктөгү, филос. ойго бай чыг-ларды жаратты, көптөгөн адабийсын макалалар жазды, кыргыз совет ад-тында соц. реализмдин өнүгүшүнө зор салым кошту. Эл кызыкчылыгы м-н жашоо, анын ой-санаасын, үмүт-тилегин сезимталдык м-н кабылдоо — Т-дин чыг-лыгынын бөтөнчөлүгү. Т-дин чыг-лары СССР ж-а дүйнө элдеринин тилдерине которулган. А. С. Пушкин, М. Ю. Лермонтов, Ф. Шиллер, В. В. Маяковский, С. Я. Маршак, Абай, Жамбыл ж. б-лардын чыг-ларын кыргызчалаган. «Семетей» эпосунун кыскарта бириктирилген вариантын иштеп чыгып, бастырган (1959).

Т. Кыргыз ССР Жог. Советине (1—4, 6—9-шайл.) депутат, СССР ж-а Кырг-н жаз. союздарынын Башкармаларына ж-а Президиумдарына мүчө, ад-т, иск-во ж-а арх-ра жагынан СССР Мин. Советине караштуу Ленинидик ж-а Мамл. сыйлыктар б-ча комитетке мүчө (1957—59), ад-т, иск-во, арх-ра жагынан Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамл. сыйлыктары б-ча комитеттин пред-ли (1966—69). Эки Ленин ордени, 3 Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Чыгармалар, Фр., 1959; Жаралган жүрөк. Повесттер жана аңгемелер, Фр., 1971; Танд. чыгармаларынын үч томдук жыйнагы, Фр., 1972—78; Сб. стихов, Фр., 1933; Избранное, М., 1951; Избранное. Стихи и поэмы, М., 1958; Избранное, М., 1975; Древо, Фр., 1978.

Ад.: Умоталиев Ш., Аалы Токомбаев. Сын, биогр. очерк, Фр., 1958; ошонуку, А. Токомбаев. (Чыгармачылык жолу), Фр., 1964; Артыкбаев К., Надеңүүлөр жана табылгалар, Фр., 1966; Шамшиев Р. С., Мамбетова К., Аалы Токомбаев. Био-библиогр. көрсөткүч, Фр., 1971; Аалы Токомбаев, к-пте: Саматанов Ж., Советтик Кыргызстан жазуучулары. Био-библиогр. справочник, 2-бас., Фр., 1976, 55—71.

ТОКОМБАЕВА Айсулуу Асанбековна (22. 9. 1947-ж. т., Фрунзе) — сов. балет артисти, Кыргыз ССР эл арт. (1975). Ленинград хореография окуу жайын Н. В. Беликованын классынан бүтүргөндөн (1966) А. Малдыбаев атн. Кыргыз мамл. академиялык опера ж-а балет театрынын артисти, 1967-жылдан солисти. Т.— оз өнөрү м-н лириканы, драманы, жог. трагедияны бирдей деңгээлде чагылдырып, ишенимдүү аткарган техникалуу балет артисти. Театр репертуарындагы башкы партиялары: Чолпон (М. Раухвергер, «Чолпон»), Асел (В. Власов, «Асел»), Мария (Б. Асафьев, «Бахчисарай фонтаны»), Одетта-Одиллия (П. И. Чайковский, «Ак куу көлү»), Фригия (А. Хачатурян, «Спартак»), Свобода (М. Равель, «Болеро»), Жизель (А. Адан, «Жизель»), Толгонай (К. Молдобасанов, «Саманчынын жолу» балет-ораторилиси). Толгонай — А. Токомбаева, Субанкул — Б. Салимбаев.



А. А. Токомбаева.

Кырг-н Ленин комсомолу сыйл. (1969) лауреаты.

Ад.: Уразгельдиев Р., Айсулуу Токомбаева, к-пте: Сахнанын жана экрандын жылдыздары, Фр., 1978, 38—49-б.; Широков В., Айсулуу Токомбаева, «Культура и жизнь», 1977, № 6.



К. Молдобасанов. «Саманчынын жолу» балет-ораторилиси. Толгонай — А. Токомбаева, Субанкул — Б. Салимбаев.

ТОКОФЕРОЛДОР (гр. tókos — тукум, phéro — алып келем ж-а лат. oleum — май) — Е тобундагы витаминдер. Витаминдик активдүүлүгү бар 8 Т. белгилүү. Алар 20-к-дын 20-жылдарында ачылган. Т. табиятта көп кездешет, өсүмдүктө синтезделет. Т-дун жетишсиздиги тукумсуздукка, борб. нерв системасынын бузулушуна, гемолизге, биол. мембраналын, о. эле митохондрия ж-а лизосома кабыкчаларынын бузулушуна алып келет. Т. медицинада кээ бир нерв, тери, гинекологиялык, жүрөк-кан тамыр ооруларын дарылоодо колдонулат.

ТОКОЧ, к. *Нан.*

ТОКСАСКАРИДОЗ — ит, түлкү ж. б-нын чаар ичегисинде мителөөчү Toxascaris уруусундагы ири (8—10 *см*) нематоддор пайда кылуучу гельминтоз. Сырткы чөйрөдө (топурак, суу) токсаскарид сиркесинде курту өсүп жетилет. Жаныбарлардын организминде сиркеден курт чыгат да, жетик митеге айланат. Түлкүдө мите 55—72 күндө өсүп жетилет. Т-до ичеги-карындын иштеши бузулат, ичи көбөт, арыктайт. Дарылоо: антигельминттик дары-дармек берүү. Профилактика: короо-жайды таза кармоо, ылаң жаныбарларды дарылоо.

ТОКСИДЕРМИЯ (гр. toxikón — уу ж-а dérma — тери) — теринин *аллергиядан* же уулардын таасиринен жабыркашы. Ага түрдүү хим. заттар, кээ бир тамак-аш (мис., мөмөлөр, балык ж. б.) себепкер. Кээде Т. зат алмашуунун бузулушунда же *кесип ооруларында* болот. Зыяндуу фактор организмге дем алуу, тамак сиңирүү жолдору аркылуу, ийне м-н дары куйганда же терige жукканда кирет. Т-да денеге темгилдер симметриялуу чыгат. Оор түрүндө эт ысып, калчылдайт, жүроктун иштеши начарлайт ж. б. Дарылоодо бөтөн заттардын таасирин жоготуу м-н бирге сенсибилдөөго каршы, оорунун белгилерине карата дары-дармек колдонулат.

ТОКСИКОЛОГИЯ (гр. toxikón — уу ж-а *...логия*) — медицинанын уулуу заттардын касиетин, алардын организмге тийгизген таасирин ж-а аның натыйжасында пайда болгон патологиялык процессти, б. а. ууланууну дарылоо ж-а алдын алуу жолдорун изилдөөчү тармагы. Уу заттарга өз ж-да колдонулуучу хим. бирикмелер, уу химикаттар, бактериялардын *токсиндери*, радиоактивдүү заттар ж. б. кирет. Кээ бир уу заттар ж-де маалымат К. *Гален* ж. б-нын эмгектеринде берилген. Т-нын өнүгүшүндө Ф. Парацельстин (Кайра жаралуу доорундагы дарыгер) эмгеги да чоң. Т. илим катары 19-к-да франц. илимпоздор М. Ж. Орфила, А. Рабюто ж. б-нын эмгектеринин негизинде калыптанган. Россияда Т-га негиз салгандар — А. П. Нелюбин ж-а Е. В. Пеликан. Азыркы Т-нын бир нече бөлүгү (мис., жалпы, вет., ө. ж. Т-сы ж. б.) бар. СССРде Т-га Н. В. Лазарев, Н. С. Правдин чоң салым кошкон. Сов. Т. биринчи болуп чөйрөдөгү хим. заттардын биол. таасирин баалоо принциптерин ж-а ченемин ачып, аның негизинде уу заттардын зыянсыз концентрацияларынын системасын түзүлгөн.

Ад.: Методы определения токсичности и опасности химических веществ. (Токсикометрия), под ред. И. В. Саноцкого, М., 1970; Количественная токсикология, Л., 1973.

ТОКСИНДЕР (гр. toxikón — уу) — бактерия, өсүмдүк ж-а жаныбарлар болуп чыгаруучу уу заттар. Аның таасири ооруга же өлүмгө дуушар кылышы мүмкүн. Хим. түзүлүшү б-ча Т.— белок же пептид. Организмге киргенде башка хим. уу заттардан *антителолорду* пайда кылышы м-н айырмаланат. Т-деп көп таралганы ж-а жакшы изилденгени — бактериялык Т. Бул экзотоксин ж-а эндотоксин болуп бөлүнөт. Экзотоксин бактериянын жашоосунда пайда болот (мис., *ботулизм, селейме, көптөгөн* ж. б-ның козгогучтары бөлүп чыгарат). Эндотоксин бактериялар (мис., *дизентерия, ич келте, холера* ж. б. жугуштуу оорулардын козгогучтары) өлгөндөн кийин бөлүнүп чыгат. Немец окумуштуусу Э. Беринг (1890) малга Т. м-н иммундаштыруу жүргүзүп, аның кан сары суусу ооруну алдын алуу ж-а дарылоо касиетине ээ боло тургандыгын аныктап, *антитоксиндерди* пайдалануура аракеттенген. 1924-ж. франц. окумуштуу Г. Рамон бактериялардын Т-пне формалин кошуп, уусун жоготуп, *антиген* касиетин сактап калуу жолун тапкан; уусуздандырылган Т-ди анатоксин деп атаган. Азыркы убакта анатоксиндер көп ооруларды алдын алууда кеңири колдонулат. Мис., кептөөрдүн анатоксинин бул ооруну кескин азайтты. Т-дер организмге тийгизген таасири б-ча бир нечеге бөлүнөт: нейротоксин (нерв системасына), цитотоксин (клеткага) ж. б.

Ад.: Токсины — анатоксины и антитоксические сыворотки, М., 1966.

ТОКСОКАРОЗ — Токосага уруусундагы ири нематоддор (10—18 *см*) пайда кылуучу ит, түлкү ж. б-ның гельминтозу. Чаар ичегиде мителейт. Сырткы чөйрөдөгү сиркеде өсүп жетилүүчү курт сүт эмүүчүлөрдү (кишини да), куштарды, сөөлжанды ж. б-ны ылаңга чалдыктырат. Сирке жем, чоп, суу аркылуу ичегиге кирет, андан куртка айланып, ал кан тамыр м-н өпкөгө өтөт, андан кан м-н булчуңдарга ж. б. органдарга тарайт; ичегиде жетик митеге айланат. Мите 26—28 күндө өсүп жетилет. Т-го чалдыккан жаныбарларда гастрит оорчүйт. Дарылоо: антигельминттик дары-дармек берүү. Профилактика: короо-жайды таза кармоо, ылаңдуу жаныбарларды өз убагында гельминттен арылтуу.

ТОКСОПЛАЗМОЗ — адам м-н жаныбарлардын токсоплазма (мите жөнөкөйлөрдүн уруусу) козгоочу оорусу. Т. булганч суу же тамак-аш, кан соргуч курт-кумурска аркылуу ылаңдуу малдан ж-а жапайы жаныбарлардан тарайт. Т-дун тубаса ж-а кийин пайда болгон түрү бар. Тубаса Т-до бала эненин ичинде же төрөлөр замат өлөт же нерв системасы, көздөрү бузулат. Кийин пайда болгон Т-до (катуу кармаганда) оорулуунун эти ысыйт, боору ж-а кек боору чоңоёт, башы ооруп, кусат, тырышат. Өнөкөт түрүндө лимфа түйүндөрү, боор чоңоёт, ишке жөндөмдүүлүк начарлайт. Т-ду аныктоодо *серодиагностика* ж-а *аллергияга* текшерүү жүргүзүлөт. Дарылоодо хлоридин ж-а *сульфаниламид дарылары* колдонулат. Алдын алууда үй жаныбарларынын Т-у м-н күрөшүү, боюнда бар аялдарды Т-го текшерүү зарыл.

Т. м-н мал, жапайы сүт эмүүчүлөр ж-а куштар ылаңдайт. Т. жем, шилекей чачыраганда, кээде түйүлдүккө да жугат. Жаныбарлардын мээсинде ж-а скелет булчуңдарында токсоплазмалар циста түрүндө жылдар бою сакталат. Токсоплазма ылаңдуу мал бала салганда түйүлдүк, аның суусу, чөбү аркылуу ж-а малдын сүтү, шилекейи м-н сыртка тарайт. Малда Т. катуу кармаган же өнөкөт түрүндө кездешет. Анда перв системасынын бузулуулары, терининн жабыркашы, ичегинин иштешинин начарлаши ж. б. байкалат, кээде мал өлүп калышы мүмкүн. Т-дун диагнозу аның белгилери б-ча, о. эле серодиагностиканын ж-а токсоплазманы микроскопиялык текшерүүнүн негизинде аныкталат.

Ад.: Ковалева Е. П., Токсоплазмоз, М., 1967.

ТОКТОБАЕВ Шамей (1880-ж. т.) — кыргыз ырчысы. к. *Шамей* Токтобаев.

ТОКТОГОНОВ Султан (4. 5. 1913-ж. т., азыркы Панфилов р-ну, Букара кыш.) — тарыхчы, тарых илимд. доктору (1968), проф. (1969). 1939-жылдан КПСС мүчөсү. Кембагал үй-бүлөдөн. Кыргыз пед. ин-туп (1941), КПСС БКнын Жог. парт. мектебин (1951) бүтүргөн. 1934—38-ж. комсомолдук жетекчи кызматта. 1938—39-ж. Алай райаткомунун пред-ли. 1939—55-ж. респ-канын эл агартуу системасында, 1944—55-ж. Кыргыз ССР эл агартуу министрлигинин орун басары, министри. 1956—59-ж. респ-канын жог. окуу жайларында (Фрунзеде, Пржевальскиде) иштеген. 1959-жылдан Ош пед. ин-тунда КПСС тарыхы кафедрасынын башчысы. Т-дун ил. эмгектери Кырг-ндагы маданий курулуштун тарыхын изилдөөгө арналган. 1955—59-ж. Кырг-н КП БКнын мүчөсү, Кыргыз ССР Жог. Советинин (4-шайл.) депутаты. Эки орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Эм.г.: Становление и развитие социалистической культуры Советского Киргизстана (1918—1958 гг.), Фр., 1966.

ТОКТОГУЛ Сатылганов (25. 10. 1864, Наманган у., Суусамыр болушу, азыркы Ош обл., Токтогул р-ну — 17. 2. 1933, өзөл эле жер) — кыргыз акыны, айтыш, композитор. Кедей үй-бүлөсүнөн. Бала кезинен байдын кой-козусун кайтарышып, турмуш түйшүгүн эрте тарткан. Өткөн замандын карагы турмушуна байланыштуу Т. сабатын ача албай калган. Атасы Сатылган жамактатып ырдай койгон, куйкум сөздүү, куудул киши болгон; эненси Бурма да элдик оозеки ырларды көп билген, кошокчулугу м-н Суусамыр болушуна аты чыккан аял экен. Ата-энесинин өзөл өнөрү Т-дун ырчылык шыгынын эрте ойгонушуна айдыңын тийгизген. Т-дун ырчылыгы 13 жашында эле айыл арасына дайын боло баштаган. Бала чагындагы «Жокчулуктун айынан», «Жургөнүм Кабак жер болду» дегендей ырларында кедейликтин айынан Казанбактай сарак байдын коюн кайтарып жүргөнүнө өкүнгөнүн, теңсиздикти жек көргөнүн билдирет.

Т-дун ырларынын тематикасы ар түрдүү ж-а чыг-лык репертуары бай. Анын рев-яга чейинки чыг-ларына

сүйүү лирикасы, сапат-насыяттар, өмүр темасындагы ырлар, ашкереле-өчү ырлар, айтыштар, элдик дастандар ж. б. мыкты элдик оозеки чыг-лар бүлүп каралат. Биринчи мезгилде сүйүү темасындагы ырлар басымдуу орун ээлейт: «Алымкан», «Насылкан», «Сүйүмкан», «Күлүйпа, Күлжан ашык кыз» сыяктуу ырлар. Т-дун сүйүү ырлары ички сезимди козгогон лирикалуулугу, мазмундуулугу, музыкалуулугу м-н баалуу. Биринчи мезгилдеги чыг-лыгында кыргыз элинин катуу эзүүнүн натыйжасында жакыр турмушка туш болгонун, байманаптардын зордукчулугун, социалдык теңсиздикти ашкерелеп, карапайым калктын теңчилик заман эңсеген үмүт-тилегин туюнткан «Беш каман», «Чакырбай сүткор», «Дыйканбайдын ашындагы ыр», «Эшен-калпа», «Үйчүлүк эшен», «Муратбек» сыяктуу ырлар да чыгарган.

Акын «Эмне кызык», «Гүлдөп ал», «Сапат», «Насыят», «Терме» сыяктуу нускалуу ырларында адам өмүрү, турмуш-тиричилиги ж-дегү ойлорун, көз карашын туюндурун, жашоонун, жыргалчылыктын, бакты-таалайдын негизи катары эмгекти даңазалайт; «Эгин айдап, чөбүң чап, эмгегиңден пайда тап. Азамат болсоң ак иштеп, аздыр-көптүр малың бак!» деп, элди эмгекке үндөйт. Анын чыг-ларынын идеялык мазмуну социалдык-коомдук мамилелерди ар тараптан кенен камтып, эл достугун, ынтымакты ж-а адамгерчиликти идеялдаштырууга багытталган. Т. эл тарабында туруп, алардын таламын талашкан, эзүүчүлөр эмгекчилердин душманы экенин баса көрсөтүп, алардын кылмышын ашкерелеп ырдаган. Ушундан улам жерг. феодалдар улуу акындан ж. б. тың адамдардан кутулуу максатында «Анжиянга басып киргени жатышат» деп, жүз кишинин аты-жөнүн, турган жерин белгилеп жазып. Наманган гарнизонуна шапшылып кабар берген соң, алтымышка жакын куралдуу солдат тездик м-н келип, 1898-ж. 11-июнга караган түнү Т-ду, дагы бир топ адамды кармаган. Туткунга алынган акын ошондо элге «Кош, апаке!», «Кош, элим!» деген ырлар м-н кайрылып, элдин катуу эзүүдө калганын, «соз айтуудан корунун» турушканын, өзү ак жериңен кармалганын, адилеттин жоктугун тартынбай айткан, байманаптарды жек көргөнүн билдирген. Т-дун чыг-лыгынын экинчи мезгилин улуп ырлары м-н башталат. Т. жолдо да, түрмөгө камап койгондон кийин да төрөлөрдү айыптаган толгон ырларды чыгарган. Бирок аның зарыл эч ким уккан эмес. Бир жарым айча камакта жаткандан кийин 3-августта Т-ду согуштук талаа соту соттон, өлүм жазасына тартууга өкүм чыгарган. Бирок өлүм жазасы 7 жылдык сүргүн жумуш м-н алмаштырылып, Т. алыскы Сибирге айдалган. Ушундан кийин акындын ар кайсы темадагы туткун ырларынын цикли пайда болот: «Айланган тоонун бүркүтү», «Ушундайбы сурагың?», «Азапка түштү өмүрүм», «Туткундагы арман», «Туткун ыры», «Качып келе жатканда», «Туткунда жургондө» ж. б. Т-дун «туткун» ырларында жерг. феодалдар, бий-болуштарга гана эмес, падышалык бийликке да нааразылык көрсөтүү күчтүү. Акындын алыска ак жериңен айдалышы,



саясий туткундар м-н бирге жүрүшү аның тапгык аң-сезимин ойготуп, эзүүчүлөр м-н эзилгендердин айырмасын мурдагыдан да ачык түшүнткөн. Ошон үчүн айдоодо жургондө: «Казак, кыргыз, өзбектен, орус менен ногойдон карасам адам көп экен» деп, көп улуттун атынан ырдайт, падышанын адилетсиздигин ашкерелейт, эл достугун бийик пафосто чагылдырат, эл достугу улуттар бирин бири түшүнүшсө, урматташса жаралат деп туура баамдайт. Ал орус элинин айкөл эл экенин кыргыз акындарынан биринчи болуп жар салган: «Айдалып келип болуштан, агайын таптым орустан, тутулуп келип болуштан, туган таптым орустан». Т. орус элин аталаштай көрөт. Акын «жолдош кылдым орусту, башыма урса палицией, орустарым болушту» деп, полициянын ырайымсыздыгын, карапайым орус элинин боорукерлигин ажыратып тааныйт. Бир ырында: «Оройлук белги болушта, окуунун кени оруста» экенин күчтүү сезим м-н билдирет. 1903-ж. камактагы тилектеш жолдошторунун жардамы м-н качып чыгып, көп азап чегүүдөн кийин кеч күздө кыргыз жергесине кайтып келген. Келгенде эл-журтуна «Эңсеген элим, аманбы?», «Анакем, аман барсыңбы?» сыяктуу ырлар м-н кайрылып, манаптар кас болгонун, ошонун айынан арман-күйүткө батып, азап чегип, айдоодо жүргонүн, печен акыйкатсыздыкты көргонүн өтө муңканып ырдайт. Т-дун чыг-лыгынын үчүнчү мезгили анын Сибирден келгенден Совет бийлигине чейинки аралыкта чыгарган ырларын камтыйт. Акын бу мезгилдеги бир ырында: «Падыша залим баш болуп бардык ак соок жоголсо, мителерден кутулуп, биздин заман оңолсо» десе, дагы бир ырында: «Кабарын укпам, түшүнөм, аракет кылган бирөө бар, айтайын десем ашкере, чыгарбайт азыр турмуш тар» деген. Демек, Т. Сибирден рев-ялык түшүнүк м-н келген. Кийин акындын Улуу Окт. рев-ясынын жеңишин өтө кубанычтуу тосуп алышы көкусунан болгон эмес. Анын «Жашагын, Кеңеш өкмөт!», «Замана», «Кандай аял тууду экен Лениндей уулду!» деген ж. б. чыг-лары — Совет бийлигинин салтанатын эргүү м-н сүрөттөгөн саясий ырлар. Т-дун чыг-лыгынын төртүнчү мезгилин Совет доорунда жаратқан ырлары түзөт. Улуу Окт. рев-ясы Т-дун чыг-лыгына кең жол ачып, ырларынын тематикасын байытып, мазмунун тереңдеткен. Кайсы жерде митинг болсо, Т-ду ошол жерге чакырып барып, көпчүлүк алдында ырдатышкан. Ырларында Совет өкмөтүнүн, Компартиянын ишин, Лениндин идеяларын даңазалап, жаңы замандын артыкчылыгын көтөрүңкү пафосто жар салган. Анын «Кандай аял тууду экен Лениндей уулду!» — кыргыз совет поэзиясындагы төл башы чыгарма. Т. бул ырында Лениндин көркөм образын элестүү чагылдырып, аның рев-ячыл ишин, айкөл мүнөзүн жан-дили м-н сүрөттөп көрсөтөт. Ошол кезде жүзөгө ашып жаткан социалдык-коомдук өзгөрүүлөрдү, турмушта канат жайган жаңылыктарды улуу косомдун камкордугу, талбай жүргүзгөн жетекчилиги аркасында жүзөгө ашкан тарыхый чындык экенин туура түшүнүп, аны эргүү м-н кайра-кайра ырга салган. Ошондой ырларынын биринде өтө толкунданыш, мынтип ырдайт: «Эзилип жүргон кедейге эничеки болуп жер бердиң. Кайгыда жүргон элиме кайрат-кубат дем бердиң. Ушунчалык жыргалды, урматтуу Ленин, сен бердиң». Т. кыргыз поэзиясынын тарыхында Ленинди биринчи ырдаган, аның рев-ячыл ишин эргүү м-н жылуу сезимде баалап, көркөм образын биринчи түзгон эл акындарынын көрүнүктүү окуучу. Т-дун Ленин ж-дө дагы «Ленин ачты жолуңду», «Куткарды Ленин акылман», «Бийик көтөр тууңду» деген ырлары бар. Т. «Туулган жерим», «Элди карачы», «Балбандык, байлык пахтада», «Колхоз жонүндө» аттуу ырларында эл турмушундагы жаңылыктарды сүктануу м-н сүрөттөсө, «Орозого», «Басмачынын огу жок» дагы башка ырларында эскинин калдыктарын сындайт. Рев-ялык өзгөрүүлөрдү, жаңы түзүлүштү өз учурунда туура чагылдырганы үчүн ал чыгардын тарыхый эстетикалык-тарбиялык мааниси зор.

Т. *айтыш* жанрынын устаты болгон. Андан отуздай айтыш ыры мурас калган. Алгачкы айтышында эле өзүнүн элдик акын экенин көрсөтүп, бай-манаптын Арзыматтай ырчысын катуу сынга алып, эзүүчүлөр м-н эзилгендердин тап жигин ажыратын көрсөтөт. Аның Найманбай м-н айтышы да ушундай мазмунда. Акындын *Эшмамбет, Калык, Алымкул, Барпы, Коргол* сыяктуу окуучулары м-н ырдашкан алым-сабактары — идеялык-көркөмдүк жагынан ырчылар поэзиясындагы мыкты чыг-лардан. Т. айтыш ырларынын салтын улап, аны өөрчүткөн, идеялык-көркомдүк деңгээли мыкты чыг-ларды жаратып, бул жанрды бийикке көтөргөн. «Манас» эпосун, «Жаныш-Байыш», «Курманбек», «Шырдакбек», «Нарикан», «Кедейкан», «Сарыпкы-Бөкөй», «Олжобай менен Кишимжан», «Ак Мөөр» ж. б. дастандарды да эң чебер аткарган. Эшмамбет, Калык, Алымкулдар кийин айтып жүргөн дастандарынын бир далайын Т-дан үйрөнүшкөн. Отузунчу жылдардын орто ченинде Т-дун ырлары эл арасынан жыйнала баштап, 1938-ж. биринчи китеби жарык көргөн. Ушундан кийин замандаштарынан, окуучуларынан кошумча материалды жазып алуу уланып, эки томдугу басылып чыкты. Т-дун чыглары көп улуттун тилине которулган. Азыркы мезгилде Т-дун чыг-лары бүткүл Совет өлкөсүнө белгилүү. М. И. Калининдин сөзү м-н айтканда, Совет түзүлүшү убагында гана Т-дун чыг-лары кеңири тарап, көп улуттуу совет элинин соц. мад-тын байытууда тийиштүү салым кошту.

Т. обончу, комузчу, аткаруучу, эл куудулу болгон. Ал комузда колду эркин ойнотуп, күүнүн мазмунун жорго создор м-н жамакташтыра ырдап черткен, айтым күүлөрдүн («Ак куу», «Тогуз кайрык», «Миң кыял», «Чоң кербез» ж. б.), залкар күүлөрдүн («Ботой», «Кыз кербез», «Мырза кербез» ж. б.) устаты катары таанылган. Өзбекче, татарча, орусча, казакча ырдап, айрым күүлөрүн аткара билген. Т.— 60тан ашуун күүнүн автору. 1928-ж. аның 18 күүсүн музыка изилдөөчү А. Затаевич нотага түшүргөн. Ал күүлөр 1934-ж. Москвадагы муз. басма тарабынан «Кыргыздын аспаптык 250 күүсү жана обондору» деген жыйнакка басылып чыккан. Т-дун муз. чыг-лары кыргыз проф. музыкасынын өнүгүшүнө зор таасир этти. 30-жылдары комп. Н. Раков Т-дун ырлары м-н күүлөрүнүн негизинде лирикалык симфония, кийин В. Власов «Акын Ленинди ырдайт», «Токтогул» симф. поэмаларын, «Алымкан» квартетин, А. Малдыбаев, М. Абдраев «Майрамдык увертюра», А. Малдыбаев, В. Власов, В. Ферс «Токтогул» операсын жазган. Комп. Н. Давлесов м-н А. Жумакматов Т-дун күүлөрүн эл аспаптар оркестри үчүн иштеп чыгышкан. Көрүнүктүү музыка изилдөөчү В. Виноградов Т-дун муз. мурасын изилдөөдө чоң эмгек сиңирген. 1952-ж. аның «Токтогул Сатылганов жана кыргыз акындары», 1961-ж. «Токтогулдун музыкалык мурасы» деген китептери чыккан. Кырг-пдагы көп мектептерге, филармонияга, өзү туулган районго, совхозго Т-дун ысымы берилген. 1964-ж. акындын 100 жылдыгы белгиленген. 1965-жылдан ад-т, иск-во ж-а арх-ра жаатындагы Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамл. сыйл. ыйгарылат. «Кыргызфильм» студиясы тарабынан «Токтогул» көркөм фильми (1969, реж. В. Ималаев) тартылган, Фрунзе ш-нда Т-га эстелик (1976, скульптору Г. Айтиев, арх. А. Исаев), соогу коюлган жерге бейит белги (1956—57, Н. И. Ладигин) салынган.

Чыг.: Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы, Фр., 1964; Избр. произв., М., 1940; Избранное, М., 1958; Избранное, Фр., 1964.

Ад.: Виноградов В., Токтогул Сатылганов и киргизские акыны, М.—Л., 1952; Богданова М., Токтогул Сатылганов, М., 1959; Чукубаев А., Токтогул, Фр., 1958; Виноградов В., Музыкальное наследие Токтогула, М., 1961; Таштемиров Ж., Токтогулдун акындык чеберчилиги, Фр., 1975; Таштемиров Ж., Токтогул жана оозеки эл чыгармачылыгынын традициялары, Фр., 1976.

«ТОКТОГУЛ» — кыргыз операсы. Музыкасы В. Власов, А. Малдыбаев, В. Ференки, либреттосу Ж. Боконбаев, К. Маликовдуку («Т.» операсын алгач А. Веприк, 1940; экинчи вариантын А. Малдыбаев, М. Абдраев, 1956-ж. жазган). Башкы ролдорду аткаргандар: К. Чодронов, А. Мырзабаев (Токтогул); С. Бекмуратова, И. Деркембаева (Тотуя); М. Махмутова, К. Имапкулова (Бурма); В. Кружаев, С. Шералиев (Семён); С. Токтоналиев, А. Малдыбаев (Керимбай); А. Жумабаев (Арзымат) ж. б. Режиссёру — А. Куттубаев, хормейстери — С. Юсупов, балетмейстери—Н. Холфин, сүротчусу—А. Арефьев, дирижёру — А. Жумакматов. Алгач 1958-ж. А. Малдыбаев атн. Кыргыз мамл. академиялык опера ж-а балет театрында коюлган. Карапайым эл м-н Токтогул ж-а аларды эзген бай-манаптардын, падышалык чиновниктердин ортосундагы карама-каршылыктар операның негизги өзөгүн түзөт. Операда акындын кээ бир ыр, обондору пайдаланылган. Орус революционерлери Семён м-н Валентинанын мүнөздөмөлөрү үчүн орустун элдик ырларының интонациясы алынган. Опера 1958-ж. кыргыз ад-ты м-н иск-восунун Москвада өткөн он күндүгүндө көрсөтүлгөн.

Ад.: Алагушов Б., Каплан А., Кыргыз операсы, Фр., 1973.

ТОКТОГУЛ, Муз-Тор — Ош обл-ндагы Токтогул р-нунун борбору, ш. т. посёлка. Токтогул поссоветине карайт. Фрунзе — Ош автомобиль жолунун боюнда, Токтогул суу сактагычынан 5 *км* түн. тарапта. Таш-Көмүр т. ж. станциясынан 168 *км*. Калкы 12391 (1979). Май, нан з-ддору, үй-тиричилик комбинаты, 2 орто мектеп, мад-т үйү, 3 китепкана, оорукана, төрөт үйү бар. Суу сактагычты курууга байланыштуу 1968—74-ж. жаңы жерге көчүрүлүп, азыркы арх-раның (арх. Уманбеков Б. К., Курдель А. И.) талабына ылайык курулган. *Токтогул* Сатылгановдун ысмынан аталган.


ТОКТОГУЛ, Зындан — Ысык-Көл обл-ның Ак-Суу р-нундагы Ак-Булуң айыл советине карактуу кыштак. «Түргөн» с-зунун аймагында, Жыргалаң суусунун жээгинде. Райондун борбору Теплоключенкадан (Ак-Суудан) 39 *км* чыгыш тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 267 *км*. Калкы 810 (1979). Сегиз жылдык мектеп, клуб, китепкана, фельдшер-акушердик пункт бар. 1933-ж. орношкон.

ТОКТОГУЛ, Шайтан-Кыштак — Ош обл-ның Өзгөн р-нундагы Ылыч-чёвка айыл советине карактуу кыштак. «Жазы» с-зунун аймагында. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 11 *км* түн. тарапта. Кара-Суу т. ж. станциясынан 61 *км*. Калкы 588 (1979). Башталгыч мектеп бар.

ТОКТОГУЛ 525 — алма сорту. Кыргыз ССР ИАнын Ботан. багында Э. З. *Гареев* чыгарган. Даамын ж-а сакталуу мезгилин жакшыртуу үчүн Александр апорту м-н америка сары Бельфлёр сортун чаңдаштыруудан алынган. 7 жылдыгында мөмөлөйт. Дарагы чоң, жайылма тактуу. Жалбырагы ири, сарғыч жашыл түстүү. Кышка чыдамдуу. Түшүмү орточо. Мөмөсү чоң (200—600 *г*), беш кырлуу. Кабыгы жашыл, бышканда сарғыч, майда кара тактуу. Сулуу ныксаргыч. Даамы кычкыл таттуу келип, жагымдуу. Сентябрда бышып, марта чейин сакталат.

Ад.: Основы плодоводства Киргизстана, под ред. Э. З. Гареева. Фр., 1971.

ТОКТОГУЛ ГЭСи — СССРдеги ири ГЭСтердин бири. Ош обл-нда, Нарын д-ның томонку агымында курулган. Курулушу 1962-ж. башталып, 1975-ж. бардык агрегаты ишке киргизилген. Долбоор кубаттуулугу 1200 миң *кат*



(4 агрегат 300 мың *квт*тан). Плотинасының бийик. 215 *м*, уз. 400 *м*, туурасы 150 *м*. ГЭС гидротүйүнү башка станциялардан ири суу сактагычы м-н айырмаланат. Курулуш 9—10 баллга чейинки жер титирөөгө чыдамдуу. Т. ГЭСи жылына рев-яга чейинки (1913) Россияга салыштырганда эки эсе арбын электр энергиясын иштеп чыгарат. ГЭСтин курулушунан *Кара-Көл* ш. пайда болду. ГЭС О. Азия энергия системасына кошулду.

Лит.: Дергачева А. И., Рябоконь С. А., Алакандагы чагылган, Фр., 1969.

ТОКТОГУЛ РАЙОНУ (1939-жылга чейин — Кетмен-Тобо р-ну) — Ош обл-ның түндүгүндөгү админ. район. 1926-ж. уюшулган. Чыгышынан Тогуз-Торо, Жумгал, түндүгүнөн Панфилов, Талас, батышынан Ала-Бука, Жаңы-Жол, түштүгүнөн Ленин, Базар-Коргон райондору м-н чектешет. Аянты 8178,5 *км*². Калкы 48,2 мың (1979). Райондо 102 кыштак, 1 шаар (Кара-Көл), 1 ш. т. посёлка (Токтогул), 5 совхоз, 1 мал бордон семиртүү чарбасы бар. Борбору — Токтогул ш. т. посёлкасы.

Т. р. *Кетмен-Тобо өрөөнүн* ж-а аны курчап турган *Суусамыр кырка тоосунун, Талас Ала-Тоосунун, Ат-Ойнок кырка тоосунун,* Узун-Акмат тоолорунун, *Фергана тоо тизмегинин* өрөөнгө караган беттерин эээлейт. Кетмен-Тобо өрөөнүнүн эң жапыз жери 800 *м*. Ал эми аны курчап турган тоолор деңиз деңг. 3500—3700 *м* бийикте. Өрөөн тектоникалык түзулушу б-ча — кендик багытындагы асимметриялуу мегосинклиналь. Палеоген, неоген ж-а антропоген мезгилдеринде пайда болгон чөкмө тектер палеозойдун тоо тектерин жаан жатат. Кен байлыктары: таш туз (к. *Кетмен-Тобо кени*), курулуш материалдар ж. б. Климаты кескин континенттик. Улам жогорулаган сайын континенттүүлүк азаят. Январдын орт. темп-расы —16°С, июлдуку 23°С. Жылдык жаан-чачыны 250—500 *мм*. Аймагынан Нарын д. (куймалары: Чычкан, Узун-Акмат, Торкен, Тоолук, Кара-Суу ж. б.) агып өтөт. Топурагы м-н өсүмдүктөрүнө *бийиктик алкактуулук* мүнөздүү. Райондун эң жапыз жери боз топурактуу келип, жогорулаган сайын шалбаалуу боз, бозомук, коңур күрөң ж-а кара күрөң топурак кездешет. Өсүмдүктөрү: шыбак, кара бургөн, эбелек, чий, терскен, камгак, тоо тикен, ак кылкан, бетеге, шимүүр, аюу чачы, чайыр, мисте, карагат, алча, ит мурун, чие, табылгы, ыргай, долоно, шилби, жаңгак, карагай, арча ж. б. Жаныбарлары: суур, кашкулак, түлкү, карышкыр, арыс, аюу, доңуз, элик, тоо эчки, илбирс; канаттуулардын көп түрү кездешет.

Райондо кыргыз, орус, өзбек ж. б. улуттар жашайт. Орт. жышт. 1 *км*²де 6 киши (1979).

Т. р.— айыл чарбасы, анын ичинен мал чарбасы өнүккөн район. А. ч-га жарактуу жериинин айдоосу 15,6 мың *га*, чабындысы 21,9 мың *га*, жайыты 334,1 мың *га* (1977). Дан эгиндер (9582 *га*), тамеки (364 *га*), тоют өсүмдүктөр (8797 *га*), картошка (170 *га*) ж. б. өстүрүлөт. 1977-ж. 17,4 мың үй, 321 мың кой, 9,5 мың жылкы болгон. Аймагында респ-кадагы эң ири Токтогул суу сактагычы бар. 1978-жылдан Токтогул ГЭСи иштеп, Курпсай ГЭСи курулуп жатат; келечекте Камбар-Ата № 1, 2 ГЭСтери курулмакчы. Ө. ж. ишканаларынан сүт а-ду, үй тиричилик комбинаты бар. Аймагынан Фрунзе — Ош, Токтогул — Тоолук — Сары-Камыш автомобиль жолдору өтөт. Фрунзе, Ош ш-ларынан Ош обл-ның Токтогул р-нунда; Нарын д-ндагы Токтогул ГЭСинин плотинасы сууну бууганда пайда болгон. Сактагычка 1974-ж. суу толтурула баштаган. Аянты 284 *км*², көлөмү 19,5 *км*³, уз. 65 *км*, кең жери 12 *км*, орт. терең. 69 *м*, эң терең жери 180 *м*; деңгээли 63 *м*ге чейин жетет. Т. с. с. Нарын ж-а Сыр-Дарыянын агымын жөнгө салып, көшүмча 0,5 млн-дой *га* жерди сугарууга мүмкүндүк берет.

ТОКТОМ СССРде — 1) мамл. бийликтин жог. органдарынын — СССР Жог. Советинин, союздаш ж-а автономия респ-калардын Жог. Советтеринин өткөн жылкы мамл. бюджетинин аткарылышын, тийиштүү Жог. Советтердин Президиумдарынын указдарын бекитүү ж. б. актысы. 2) Мамл. аткаруучу ж-а буйрук берүүчү органдардын — СССР Мин. Советинин, союздук ж-а автономия респ-калардын Мин. Советинин өз компетенцияларынын чегинде Жог. Советтин Президиумунун указдарын ж-а закондорун аткарууга багытталган башкаруу актылары. Саясий, чарб. маанилүү маселелер б-ча КПСС БКнын, СССР Мин. Советинин, о. эле союздаш ж-а автономия респ-калардын компартияларынын БКсы м-н Мин. Советинин биргелешкен Т-дору чыгарылат. Законго ылайык учурларда башка органдар да Т. чыгара алышат (к. *Мамлекеттик бийлик органдарынын актылары*). 3) СССР Жог. Сотунун Пленумдарынын, союздаш респ-калардын Жог. Сотунун Президиумдарынын же Пленумдарынын, о. эле башка соттордун президиумдарынын ж-а судьянын жалгыз өзү кабыл алган чечимдерин буткон түрго (оформить) келтирүүчү акт.

ТОКТОМУШ (т. ж. белгисиз — 1406-ж.) — *Алтын ордонун* ханы, Жучухандын тукуму. 14-к-дын 70-жылдары Тимурдун жардамы м-н Түш. Каз-нды областтарын ж-а Сыр-Дарыя айм-гын каратқан. Т. 1380-ж. *Куликов салгылашында* Мамайдын жеңилишинен пайдаланып, тактыга отурган. Ал ички козголоңду жоюп, башкаруусунун биринчи жети жылында Алтын ордонун мамл. биримдигин калыбына келтирген. Т. Москва княздыгын ойрондоп, 1382-ж. Москваны алып, ортөп жиберген. 1389—95-ж. Закавказье ж-а О. Азия жерлери үчүн *Тимур* м-н күрөштө андан талкаланып, Волга д-нын чыгышындагы эээлигинен ажыраган. 1398—99-ж. Заволжье ордосунун ханы Темир-Кутлуктан жеңилген. Т-ту Сибирь ханы Шадыбек өлтүргөн.

ТОКТОМУШЕВ Абдрасул (15. 7. 1912-ж. т., азыркы Кемин р-ну, Чоң-Кемин кыш.) — кыргыз совет акыны, Кыргыз ССР эл акыны (1972). Батрак үйбүлөдөн. 1951-жылдан КПСС мүчөсү. Жашынан томолой жетим калган. 1927-ж. Токмоктогу жетим балдар үйүнө алынган. 1928—31-ж. О. Азия суу чарба техникумунан окуган. Пед. окуу жайын бүткөн (1952). 1932-жылдан согуш жылдарына чейин «Кызыл Кыргызстан», «Ленинчил жаш», Лейлек р-ндук «Колхоз турмушу» газеталарында, 1953—57-ж. «Ала-Тоо», «Чалкан» журналдарында иштеген.

Тунгуч ыры («Дыйкандарга») 1930-ж. «Кызыл Кыргызстан» газетасында жарыяланган. Тунгуч ыр жыйнагы 1936-ж. жарык көргөн. Ал жыйнагы жаңы заман, элдин эркин турмушу, каарман жумушчулар м-н колхозчулар ж-дө жазган ырларынан куралган. Т-дин ысмын эл арасына кеңири белгилүү кылган — «Какшаалдан кат» (1937) поэмасы. Бу поэмада 1916-жылдагы үркүндө чет жерде бир табак талканга сатылып, эркиси калып калган кыргыз кызынын арманын жөнөкөй форма ж-а элге жеткиликтүү ыкмалар м-н баяндап берет. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде Т. майдандагы жоокерлердин баатырдыгын, тылдагы эмгекчилердин эпкиндүү эмгегин даңазалаган патриоттук духтагы көп чыг-ларды жазды. Ал чыг-лар «Күн» (1947), «Менин олком» (1953) аттуу ыр жыйнактарына топтолгон. Согуштан кийин Т-дин бир топ ыр жыйнагы чыкты: «Тартуу» (1949), «Тынчтык үнү» (1952), «Эмгек жана бакыт» (1953), «Жүрөктө» (1958), «Өмүр көктөмү» (1960) ж. б. 1966-ж. чыккан «Эркин саптар» ыр китеби Т-дин чыг-лык арымы кенен, тематикалык ар түрдүүлүккө умтулган, чеберчилигин өстүрүүгө көп көңүл бурган акын экендигин көрсөттү.

Т-дин чыг-лыгында бүгүнкү күн темасы, жаңы адамдын образын түзүү негизги орун ээлейт. Анын «Сүйүү жана коркунуч» поэмасы учурдун интеллигенттеринин ички дүйнөсүн, ар кыл ж-а татаал мүнөздөрүн лирикалык планда чагылдырат. Т. балдарга арнап да көп ырлар, поэмалар, жомоктор жазган: «Хан менен Жматай» (1940), «Каштын тилеги» (1948), «Жакып уулу» (1957), «Күндөй жарык» (1962), «Арстанбап» (1965), «Саяпкер» (1971), «Достук» (1972) ж. б. Булардан Кырг-нда тап күрөшү курчуп турган кезде тап душман колдуу болгон пионер *Кычан* Жакыповдун эрдиги ж-дөгү «Жакып уулу» поэмасы өспүрүмдөр айрыкча сүйүп окуган чыг-лардан.

Т-дин чыг-лыгында ыр м-н жазылган «Алтын-Тоо» романына (1-к-п — 1965, 2-к-п — 1968) өзгөчө орун таандык. Ал роман — кыргыздардын Окт. рев-ясынан мурдагы ж-а кийинки турмушун бирдей камтып, элдин эки доордогу тарыхый тагдырын, тап күрөшүн каармандардын даана тартылган образдары, мүнөздөрү, ой-тилектери ж-а күрөшү аркылуу чагылдырган көп пландуу чыгарма. «Алтын-Тоо» романы үчүн Т-ге 1974-ж. Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамл. сыйлыгы ыйгарылган.

Т. дүйн. ж-а совет ад-тынын мыкты окүлдөрүнүн чыг-ларын м-н кыргыз окурмандарын тааныштырууда көп эмгек сиңирди. Пушкиндин, Лермонтовдун, Шевченконун, Маяковскийдин, Николас Гильендин, араб акындарынын көп ырларын, поэмаларын кыргызчага которду. Т-дин калеминен учурдун актуалдуу маселелерин көтөргөн көп очерктер, сатиралык ангемелер, макалалар да жаралган. Ырлары орус тилине которулуп, бир нече жыйнак болуп чыккан. Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Танд. чыг-ларынын бир томдугу, Фр., 1973; Ак Моор, Ырлар жана поэмалар, Фр., 1971; Белый голубь, М., 1958; Песни Ала-Тоо, Фр., 1958; Саженец, М., 1963; Годы, Фр., 1964; Белый снег, М., 1976.

Лит.: Абдраимов Ж., Жылдызду ырлар, Фр., 1962; Таштемиров Ж., Чындык баяны, «Ала-Тоо», № 3, 1967; Абдрасул Токтомушев, к-пте: Самаганов Ж., Советтик Кыргызстан жазуучулары. Био-библиогр. справочник, 2-бас., Фр., 1976, 592—99-б.

ТОКТОНААЛЫ Шабданбаев (15. 8. 1896, Жайылма кыш, азыркы Кант р-ну — 18. 2. 1978, Фрунзе) — кыргыз совет төкмө акыны, Кыргыз ССР эл арт. (1958). Кедейдин үй-бүлөсүнөн. 1918—21-ж. ыктыярдуу отрядга кирип, басмачыларга каршы салгылаштарга катышкан. Коллективдешүү мезгилинде биринчилерден болуп а. ч. артелине өткөн. 1936—65-ж. Кыргыз мамл. Т. Сатылганов атн. филармониясына ырчы болгон. 1965-ж. пенсияга чыккан. Чыг-лыгын 20-жылдары баштаган. Т-нын ырчылык өнөрүнүн өркүндөшүнө филармонияда Алымкул, Осмонкул, Калык баштаган айтылуу ырчылар м-н бирге иштеши көп таасир берген. Тунгуч ыр жыйнагы «Жеңиш ыры» деген ат-м-н 1949-ж. жарык көргөн. Кийин «Өчпос нур» (1954), «Көргөнүм» (1958), «Айтыштар» (1962), «Алтын дарбаза» (1965), «Мекенимди даңктайм» (1973) ж. б. ыр китептери чыккан. Т. бул китептеринде кыргыз элинин совет доорундагы бейпил турмушун, эркин эмгегин ырга салат. Т-нын «Кара жетим» (1964—75) аттуу дастаны, «Өмүр белестери» аттуу эскермеси да бар. Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Таңдамалуу чыгармалар, Фр., 1976; Золотые ворота, Фр., 1965.

Лит.: Токтонаалы Шабданбаев, к-пте: Саманганов Ж., Советтик Кыргызстан жазуучулары. Био-библиогр. справочник, 2-бас., Фр., 1976, 669—70-б.

ТОКТОНАЛИЕВ Сейдакмат (23. 5. 1928-ж. т., азыркы Кант р-ну, Томоку-Аларча кыш.) — кыргыз совет опера ырчысы (лирика-драмалык тенор), Кыргыз ССР эл арт. (1964). Дыйкан үй-бүлөсүнөн. П. И. Чайковский атн. Москва мамл. консерваториясын В. Ф. Кариндин классы б-ча бүткөндөн (1952) А. Малдыбаев атн.



М. Абдраев. «Олжобай менен Кишимжан». Олжобай — С. Токтоналиев.

Кыргыз мамл. академиялык опера ж-а балет театрында солист. Москвада өткөн (1957) Жаштардын бүткүл союздук 6-фестивалында 1-дараж. диплом ж-а алтын медалга татыктуу болгон. Т. дүйн., совет ж-а кыргыз композиторлорунун операларынан көптөгөн партия аткарган: Ленский (П. Чайковский, «Евгений Онегин»), Вашек (Б. Сметана, «Сатылган колукту»), Князь Синодал (А. Рубинштейн, «Демон»), Жаш цыган (С. Рахманинов, «Алеко»), Аскер (У. Гажибеков, «Аршын мал алан»), Аскар (С. Ряузов, «Ак шумкар»), Сыргак, Күлчоро, Керимбай, Бектур (А. Малдыбаев, В. Власов, В. Фере, «Манас», «Айчүрөк», «Токтогул», «Ажал ордуна»), Садык (А. Аманбаев, «Бойдоктор»), Олжобай (М. Абдраев «Олжобай менен Кишимжан») ж. б. Концерттик ырчы катары да белгилүү. Анын аткаруусунда 40тан ашык чыгарма кыргыз радиосунун фондусуна жазылган. Сов. Союзунун көп жериинде ж-а чет өлкөлөрдө гастролдо болгон. «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган.



Ш. Токтогалы.



С. Токтоналиев.

ТОКТОРААЛЫ Талканбаев (1868, Пишпек у., Күнтүү болушу, Күнтүү айылына жакын Кара-Жыгач деген жер, азыркы Сокулук р-ну, Киров атн. с-з—22. 6. 1944, ошол эле жер)— кыргыз жазма акыны. Кедейдин үй-бүлөсүнөн. Молдодон окуп кат таныган. Окт. рев-ясына чейин жалчы жүргөн. Алгачкылардан болуп коллективдүү чарбага өткөн. Т. Окт. рев-ясынын жеңишин зор кубаныч м-н тосуп алып, аны «Ленин», «Ленин жолдош эрк берди», «Ой, агайын, сал кулак!» дегендей ырларында куттуктайт. «Кедейге насаат», «Өзгөрүш» аттуу ырларында Совет бийлиги жеткизген эл турмушундагы өзгөрүштөрдү, ийгиликтерди ырга салат. Т. ырларында бай-манапка жек көрүү сезими м-н мамиле кылган, өткөндүн зыяндуу каада-салтын тартынбай сындаган. Ырлары «Жазгыч акындар» (1956) деген китепте бар.

ТОКТОСУНОВ Асан (22. 1. 1930-ж. т., Чүй р-ну, Ак-Бешим кыш.) — сов. биолог, биол. илимд. доктору (1974), проф. (1974). 1963-жылдан КПСС мүчөсү. Кыргыз мамл. пед. ин-тун бүткөн (1952). Кыргыз ССР ИАнын Зоология ж-а паразитология ин-тунда кенже (1955—59), ст. ил. кызматкер (1959—63), КМУда доцент (1963—65), 1966-жылдан зоология кафедрасынын башчысы. Т.— 60тан ашуун ил. эмгектин автору. Эмгектери негизинен Кырг-ндын кемирүүчү жаныбарлары, алардын чарб. мааниси, Тянь-Шандын шартында амфибия ж-а сүт эмүүчүлөрдүн микрофизиол. болүшүшү, экологиясы ж. б. маселелерге арналган. Т. СССР ИАнын экологиялык советинин, терология коомунун ж-а бүткүл союздук «Биология в школе» журналынын редколлегиясынын мүчөсү. Ал «Кыргыстандын жаратылышы» аттуу түстүү окуу фильмин түзгөн.

Эмг.: Грызуны Киргизии, Фр., 1958; Морфизиологическая дифференциация амфибий в условиях Тянь-Шаня, Свердл., 1973; Удивительное в жизни животных, Фр., 1976; К проблеме экологии, Фр., 1977.

ТОКТОЯН — Ысык-Көл обл-нын Түп р-ндагы Тасма айыл советине караштуу кыштак. Ленин комсомолу атн. к-здун аймагында. Райондун бор-

бору Түптөн 41 *км* чыгыш тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 228 *км*. Калкы 994 (1979). Сегиз жылдык мектеп, китепкана, медпункт бар. 1916-ж. орношкон.

ТОК ТРАНСФОРМАТОРУ, к. *Трансформатор.*

ТОКТУ — эки жашка караган ургаачы кой. Тубар койду толуктоо ж-а өзүнчө короо түзүү үчүн пайдаланылат.

ТОК ТҮЗӨТКҮЧ — өзгөрмө токту туруктуу токко айландыруучу түзүлүш. Т. т-түн негизги элементи — электр вентили. Вентилдердин түрүнө жараша Т. т. кенотрондуу, газотрондуу, тиратрондуу, сымаптуу, жарым өткөргүчтүү ж-а электр контакттуу болуп бөлүнөт; мындан тышкары Т. т. бир ж-а үч фазалуу, бир ж-а эки жарым мезгилдүү болуп да айырмаланат. Түзөткүчтөн алынган туруктуу токтун пульсациясын азайтуу үчүн Т. т-түн чыгышына электр чыпкасы туташтырылат. Бир фазалуу Т. т. негизинен автоматика ж-а телемеханика түзүлүштөрүн, радиоаппаратураны ж. б-ны ток м-н камсыз кылат, ал эми үч фазалуулар кубаттуу ө. ж. установкалары үчүн пайдаланылат.

ТОКУДА Кюити (12. 9. 1894, Окинава префектурасы, Наго кыш.— 14. 10. 1953, Пекин) — япон жумушчу кыймылынын ишмери. Басма жумушчусунун үй-бүлөсүнөн. 1920-ж. Токио ун-тинин укук ф-тетин бүткөн. Япон соц. лигасын (1920) түзүүчүлөрдөн. 1922-ж. Москвада өткөн Ы. Чыгыш коммунисттик ж-а рев-ячыл партиялардын 1-съездине катышкан. Кайра келген соң Япония компартиясын (ЯКП) түзүүчү, 1922-ж. июлда ЯКПнин 1-жашырын уюмдаштыруу съездинде БКнын мүчөлүгүнө, 1924-ж. ЯКП БКнын секретарлыгына шайланган. 1926—27-ж. Коминтерн Аткомунун пленумдарына катышкан. Т. 1928-ж. камалып, 1945-ж. октябрда гана (18 жылга жакын) бошотулган. 1945-ж. декабрдан ЯКП БКнын ген. секретары. 1946—50-ж. Т. япон парламентине депутат. 1950-ж. камакка алынарда жашырын иштеп, ден соолугунун начардыгына карабастан партиячы башкарган.

ТОКУУ — кийим-кечеңи (шиязы чепкен), о. эле таар, шалча, терме, боз үйдүн боолору, ат жабуу сыяктуу буюмдарды (кездеме-тасмаларды) кол м-н кыймылга келүүчү өрмөк станогунда (айрым жерлерде ал дүкөн, такта, абзал деп да аталат) иштеп чыгаруу, жасоо. Арх-ылык маалыматтарга караганда Т. неолит доорунда пайда болуп, алгачкы жамаат коомдо кеңири таркаган. Т-да өрмөк пайдаланылат. Ал — аялдардын кол өнөрчүлүгүнүн бир түрү. Б. з. ч. 5—3-к-да азыркы О. Азия ж-а Каз-н аймагында жашаган сактар, кийинчерээк алардын ордуна келген усундар (б. з. ч. 3-к.— б. з. 2-к-нда) да кездемелерди өрмөктө токугандыгына арх-ылык таблгалар күбө. Өрмөктө эпи 50—60 *см*ден ашпаган, каалаган узундуктагы бир же бир нече түстүү (жол-жол, термелүү), о. эле түрлөнгөн (орнаменттелген) тасмалар токулат. Орнаменттелген тасмалар (беш кеше, кажары, терме) көбүнчө үй жасалгасы катары же ат жабуу, куржун, боз үйдүн боолорун ж. б-ны жасоого керектелет. Мындай кездемелердин ички ж-а сыртқы беттеринде орнаменттер бири бирине айырмаланып түшкөн себептүү алар эки беттүү же эки жүздүү деп да аталат.

Т. иши жүнү же кебезди тытып ийрүү, жипти боёо, жүгүрүү, күзүктөө сыяктуу бир нече баскычтан турат. Адатта Т. үчүн атайын ийиккө ийрилип, керектүү түскө боёлгон кебез же жүн жиптер иштетилет. Ал эми Т. процесси болсо төмөнкүчө өтөт. Тегиз ж-а кеңири жерге жалпы узундугу токулуучу кездеменин узундугуна барабар келгендей кылып үч казык, орто чөнтө дагы эки казык (бири узун, экинчиси кыска күзүк) кагылып, даяр эриштин бир үчүн казыктардын бирине байлайт да, калган эки казыкты айланып жүгүртүлөт. Күзүк казыктардын ортосунан өткөрүлүп, жип м-н казыктарга байланып күзүктөлөт. Эришти экинчи жолу жүгүрткөндө үч казыктын сыртына күзүктөлөт. Ушул жол м-н эриш казыктарга айлантылып, күзүк жип м-н байланып болочок тасманын эпине, о. эле түшүрүлүүчү оймого жараша эриш күзүктөлөт. Күзүктөө эриштин жуп ж-а так жиптерин бири бирине болуп, токуу мезгилинде аларды чаташтырбоо үчүн жасалат. Жүгүрүү ж-а күзүктөө процесстерине кийин ал эки жыгач м-н эриш чаташпагандай абалда керилө тартылып, казыктарга байланат да, күзүктөлгөн жери үч мара жаа түрүндө ийилген күзүк көтөргүчкө бир аз көтөрүлүп коюлат. Эриштин жуп ж-а так жиптерин болуп, болочок тасманын негизин белгилүү кеңдиктө керип туруу үчүн шерик байланат. Үстүңкү (жуп), астыңкы (так) эриштин болуп туруу үчүн адырга, эриштин кесилишкен жеринен өткөн аркакты бекемден уруп туруу үчүн кылыч, болочок тасмага орнамент түшүрүп токууда (эриштин жиптерин бирден санап терип чыгып, оймо түшүрүү үчүн) тергич колдонулат.

Кыргыз өрмөгүндө тасма Т. төрт болуктон (циклден) турат: 1) кылыч эриштин жуп ж-а так жиптерин, негизин болуп, аның эришинин негизине карата тик (кабыргасынан) коюлат. Адырды да ушундай эле абалда, бирок эриштин астыңкы ж-а үстүңкү негиздеринин ортосунда тегиз (горизонталь) абалда «эркин» болот; 2) адырды негиздеринин кабыргасын көтөргөндө алдындагы жиптер үстүнө өтүп, үстүндөгүлөр астына түшөт, б. а. эриштер кайчылашып калат; 3) тергич күзүк тарапка жылдырылып, ал жерден аркак өткөрүлөт; 4) эриштин (жуп ж-а так жиптеринин) кайчылашкан жерлери кылыч м-н тасманы тыгыздоо үчүн урғуланып бекемделет.

Ушул төрт цикли кайталоо жолу м-н Т. улантыла берет. 19-к-дын экинчи жарымынан кездеме фабрикаларда иштелип чыккандыктан колдо Т. бир аз кыскарды.

Лит.: Антипина К. И., Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов, Фр., 1962; Антипина К. И., Махова Е. И., Безворсовое узорное ткачество, в сб.: Народное декоративно-прикладное искусство киргизов, «Труды Киргизской археолого-этнографической экспедиции», т. 5, М, 1968, с. 48—58; Абрамзон С. М. [и др.], Быт колхозников селений Дархан и Чичкан, «Труды Института этнографии им. Н. Н. Миклухо-Маклая», Новая серия, т. 37, М., 1958, с. 124—25; Шибаева Ю. А., Материалы по одежде мургабских киргизов, Краткие сообщения Института этнографии, № 25, М., 1956, с. 26—41; Бернштам А. Н., Очерки истории культуры древнего Семиречья по археологическому материалу, «Труды Семиреченской экспедиции Чуйской долины», Материалы и исследования по археологии СССР, № 14, М.—Л., 1950, с. 65.

ТОКУУ ӨНДҮРҮҮЧҮ (токуучулук) — жеткире иштетилбей, жалаң гана токулуп бүткөрүлгөн кездеменин даярдоочу технол. процесстердин жыйындысы. Иштетилүүчү сырьёго (була, жип) жараша кебез, жүн, зыгыр буласынан ж. б. токуучулук болуп болунот.

Эрип жибин тик жайгаштырылып, кол м-н токуучу станок б. з. ч. 5—6 мин жыл мурда пайда болгон. 18-к-да Э. Картрайт (Улуу Британия) мех. токуу станогун ойлоп чыгарган. Токуу станогунун конструкциясын өркүндөтүүгө орус ойлоп табуучулары Д. С. Лепешкин (1844), С. Петров (1853), С. А. Дынник (1927), В. Е. Леонтьев (1936), В. А. Прозоров (1949) ж. б. маанилүү салым кошкон.

Кездеме даярдоонун технол. процессине ылайык Т. о. даярдоо, кездеме токуу ж-а бүткөрүү операцияларынан турат. Даярдоо операциясына эриш ж-а аркак жиптерин түүү, эриш жибин керип орнотуу, баштоо, жылыштыруу ж-а жиптердин учтарын түйүү кирет. Кездеме токуу операциясында эриш ж-а аркак жиптер даярдоо цехинен токуу цехине келип түшөт. Эриш жиптерине күч көп келгендиктен алар аркак жиптерине караганда сапаттуу сырьёдон жасалат. Бүткөрүү жумушу кездемени чөнөө, тазалоо ж-а түгүн түшүрүү, сапатын текшерүү ж-а машина м-н бүктөөну камтыйт. Бардык бүткөрүү операциялары чубама линияда аткарылат.

Т. о-н мындан ары өркүндөтүү иши өндүрүш процесстерин механикалаштыруу ж-а автоматташтырууга, чолмоксуз ж-а көп козапоктуу токуу станокторун жайылтууга, алардын негизинде эмгекти үнөмдүрүүнүн жаңы формаларын өздөштүрүүгө, процесстерди ж-а машиналарды агрегатташтырууга багытталган.

Лит.: Технология ткачества, т. 1—2, М., 1966—67; Гордеев В. А., Арефьев Г. И., Волков П. В., Ткачество, 3 изд., М., 1970.

ТОКУУ СТАНОГУ — эриш ж-а аркак жиптерден ар түрдүү кездеме токуучу станок; токуу өндүрүшүнүн негизги машинасы. Кездеме токуу ыкмасына жараша кездемени үзгүлтүктүү токуучу (чолмоктүү ж-а чолмоксуз), кездемени үзгүлтүксүз (көп илмектүү) токуучу станок, ал эми конструкциясы б-ча жалпак ж-а тегерек Т. с. болуп бөлүнөт. Пайдаланылуучу жиптин, токулуучу кездеменин түрүнө ж-а арналышына жарата Т. с. кебез, жибек, жүн, айнек, металл ж. б. кездемелерди токуйт. Илмек түзүүчү механизмдин түзүлүшүнө жараша станок эксцентриктүү, каретколуу ж-а жаккардуу болот.

Станоктун жумуш аткаруучу негизги бөлүктөрү ремизка, чолмок ж-а түздөгүч тарак (бёрдө). Эриш валыпап (навой) түрүнүн алынуучу эриш жип багыттоочу валды (скалону) айланып өтүп, горизонталь же жантык абалды эзелейт (к. сүрөт). Андан ары



Жөнөкөй токуу станогунун схемасы: *1* — чолмок; *2* — аркак; *3* — күзүк көтөргүч тарак; *4* — тактай (ремизка); *5* — эриш өтмө көзөнөк; *6* — эриш; *7* — күзүк чыбык.

эриш жиптер ламелдеринин тешиктери аркылуу ж-а илмек түзүү үчүн жиптерди вертикаль абалга көтөрүүчү ремизанын галеволорунун көзчөлөрү аркылуу өтөт. Чолмок м-н илмекке же аркак салгычка башка аркак жиби киргизилет. Ал жип батан м-н бирге артка-алга жылма кыймылда болгон түзөткүч тарак м-н кездеменин четине карата жылдырылат. Кездеменин четинде эриш жиптер аркактын жиби м-н согулуп, кездеме токулат да, ал грудницаны, вальяңды, багыттоочу валыкты айланып өтүп түрмөктөлөт.

ТОК ЧЕКТЕГИЧ, чукул туюктатуу да — *электр тармагында* чукул туюктатуу тогу мүмкүн болгон маанiден же берилген амплитудадан ашып көтүүсүнө тоскоолдук кылуучу түзүлүш. Чыңалуусу 35 *кв*ко чейинки электр тармагында чукул туюктатуу тогун чектөө үчүн *электр реактору*, кээде эригич сактагыч колдонулат. Акыркы жылдарда тиристордуу ажыраткыч, жарым өткөргүчтүү тез кайра туташтырғыч м-н шунталган сыяктуу ж-а сыяктуу эмес реактор, магниттелген сыяктуу эмес реактор ж. б. Т. ч. пайдаланылууда.

ТОК ЧОГУЛТКУЧ ШИНА — электр установкасынын коммутациялык түйүнү; ал электр энергиясын чыңалуусу бирдей болгон бир нече тизмекке бөлүштүрүп берет. Иштөө шартына ж-а талаптарга жараша Т. ч. ш. бир же бир нече секциядан турат. Т. ч. ш-нын жумуш аткаргыч ж-а резервдик түрү, ал эми ажыраткычтарды ремонттоогондо айланып өтмө түрү колдонулат. Электр чыңалуусу 35 *кв*ко чейинки бөлүштүргүч түзүлүштөрдүн Т. ч. ш-лары тик бурчтуу, тоголок профилдеги бекем (алюминий, жез) шиналардан жасалып, таяныч изоляторуна орнотулат. Чыңалуусу 35—750 *кв* бөлүштүргүч түзүлүштөрдүкү тизилген изолятордун жардамы м-н тартылган жоон зымдан жасалат.

ТОЛБУХИН Фёдор Иванович [4(16). 6. 1894, Андроники кыш., азыркы Ярослав обл., Толбухин р-ну — 17. 10. 1949, Москва] — сов. аскер начальниги, Сов. Союз. Маршалы (1944), Сов. Союз. Баатыры (1965, өлгөндөн кийин). 1938-жылдан КПСС мүчөсү. Дыйкан үй-бүлөдөн. 1912-ж. Коммерция окуу жайын, 1914-ж. армияга чакырылгандан кийин прапорщиктер мектебин бүткөн (1915). Биринчи дүйн. согушта (1914—18) батальон командири. 1918-ж. өз ыктыяры м-н Кызыл Армиянын катарына өтүп, Гражд. согушта (1918—20) дивизиянын штаб начальниги. 1919-ж. Штабдык кызмат мектебин, 1930-ж. билим өркүндөтүү курсун ж-а 1934-ж. М. В. Фрунзе атн. Аскер академиясын бүткөн. Дивизия командири ж-а округ штабынын начальниги болгон. Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) фронттордо штаб начальниги, армияга, Түш., 4- ж-а 3-Украин фронтторуна командачы. Сталинград салгылашына, Яссы-Кишинёв операциясына, Украина, Крым, Румыния, Болгария ж. б-ларды бошотууга катышкан.

1945-ж. июлдан Түш. аскерлер тобунун башкы командачысы, 1947-ж. январдан Закавказ аскер округунун командачысы. СССР Жог. Советинин (2-шайл.) депутаты. Эки Ленин ордени, «Жеңиш», 3 Кызыл Туу, эки 1-дараж. Суворов, 1-дараж. Кутузов, Кызыл Жылдыз ордендери ж-а медалдар, о. эле чет элдик ордендер, медалдар м-н сыйланган. София (1946) м-н Белграддын (1947) ардактуу гражданини. Соогу Кызыл аянттагы Кремль дубалына коюлган. Т-го 1960-ж. Москвада эстелик тургузулган.

Лит.: Кузнецов П. Г., Маршал Толбухин (1894—1949), М., 1966.

ТОЛГОНМО ТАРАЗА — өтө кичине күчтөрдү электр-статикалык, магниттик же гравитациялык өлчөөчү сезгич физ. прибор. Аны 1784-ж. Ш. *Кулон* ойлоп тапкан. Ил. из. ишинде колдонулат.

ТОЛГОНУУ, 1) материалдар каршылыгында — стержень, вал ж. б-дын туура кесилиштерине аракет кылган моменттердин (көш күчтүн) таасиринен ошол кесилиштердин өз ара бурулушун мүнөздөгөн деформациянын түрү. Т. эркин ж-а кысылган болуп бөлүнөт. 2) Математикада — экинчи тартиптеги ийрилик — мейкиндик ийриликтин тийишип турган тегиздиктен четтешинин чени. Ийри сызыктын *M* чекитиндеги Т-су мындайча аныкталат: *N* — ийри сызыктагы *M*ге өтө жакын болгон өзгөрмө чекит, ал эми β — бурчу *M* ж-а *N* чекиттеринде ийри сызыкка тийип турган тегиздиктердин ортосундагы бурч дейли. *N* чекити *M* чекитине чексиз жакындаган кезде $\beta/\Delta s$ катышынын предели (мында Δs бул *MN* жаасынын узундугу) ийри сызыгынын *M* чекитиндеги Т-су деп аталат:

$$\sigma = \lim_{\Delta s \to 0} \frac{\beta}{\Delta s}.$$



Ф. И. Толбухин.

ТОЛГООЧУ МОМЕНТ (материалдар каршылыгында) — толгонуу деформациясын пайда кылуучу күчтүн моменти; ал күчтүн узундукка болгон көбөйтүндүсү м-н туюнтулат. Т. м-тин таасиринде конструкциялардын элементтеринин туурасынан кесилишинде жаңыма чыңалуу пайда болот.

ТОЛКУН — персенин же талаанын абалынын өзгөрүшү ж-а ошол өзгөрүүнүн энергия түрүндө таралышы. Т. түрдүү чөйрөдө ар кандай ылдамдык м-н тарайт. Табияттагы бардык Т-дун жалпы касиети — чөйрөнүн заты (болүкчөлөрү) которулбастан энергиянын ташылышы. Т. сериилгичтүү, электр-магниттик, үн ж. б. Т. болуп айырмаланат. Сериилгичтүү Т. катуу перселерде, суюктуктарда ж-а газдарда пайда болот. Үн Т-у ж-а жер кыртышындагы сейсм Т.— сериилгичтүү Т-дун айрым түрү. Электр-магнит Т-га радио-толкун, жарык, рентген нурлары ж. б. кирет. Т. физ. кубулуштардын бардыгында кездешкендиктен аларды изилдөө физ. ж-а тех. үчүн маанилүү. Т-дун таралуу багытына карата чөйрө бөлүкчөлөрүнүн термелүү тегиздиги кандай абалда болушуна жараша Т. узата ж-а туураларынан болуп айырмаланат. Т-дун таралышы—толкундагы энергияга көз берилүү. Т-дун таралышына чагылуу, сынуу, дисперсия, интерференция, дифракция, поляризация, толкундун жутулуу ж-а чачыроо кубулуштары мүнөздүү.

Лит.: Горелик Г. С., Колебания и волны, 2 изд., М., 1959; Красильников В. А., Звуковые и ультразвуковые волны в воздухе, воде и твёрдых телах, 3 изд., М., 1960.

ТОЛКУН ДИСПЕРСИЯСЫ — гармоникалык толкундардын фазалык ылдамдыгынын (v) толкун жыштыгына (ν) көз карандылыгы. Т. д. толкун

тараган чөйрөнүн физ. касиеттери м-н аныкталат. Сигнал ар кандай жыштыктагы гармоникалык толкундардан туруп, ал толкундар чөйрөдө түрдүү ылдамдыктар м-н таралгандыктан чөйрөдөгү Т. д. ал чөйрөдө таралган сигналдардын формасын бузат. Мис., ак жарык тунук призма аркылуу өткөндө жарык дисперсиясы ал жарыкты спектрге ажыратат, к. *Жарык дисперсиясы*.

ТОЛКУН ДИФРАКЦИЯСЫ (лат. diffractus — сынган) — толкундун тоскоолдуктан өткөндө түз сызык б-ча таралуусунун бузулушу. Гюйгенс-Френелдин принциби б-ча толкун жеткен чөйрөнүн ар бир чекитин жаңы толкун булагы деп кароого болот. Эгер толкундун жолуна өлчөмү кичине перске же тешик коюлса, анда сфералык толкундар тоскоолдукту айланып тарайт. Т. д. толкун узундугу м-н дифракция пайда кылуучу объектинин өлчөмүнүн өз ара катышына көз каранды. Ал тоскоолду же тешиктин өлчөмү таралуучу толкундун толкун узундугуна чамалап же барабар болгондо даана байкалат. Т. д-ныш практикада, ил. из. ишинде маанилүү.

ТОЛКУНДУН ЖУТУЛУШУ — толкундун өзүнүн тараган чөйрөсүндө же таралуу жолундагы тоскоолдуктар м-н өз ара аракеттенишинин натыйжасында толкун энергиясынын башка түрдөгү энергияга айланышы. Т. ж. толкундун жаралышына ж-а толкун таралуучу чөйрөнүн касиетине көз каранды.

ТОЛКУН ИМПУЛЬСУ — мейкиндикте же чөйрөдө толкун түрүндө таралуучу бир жолку дүүлүгүү. Мис., үн импульсу (мылтык үнү) — басымдын капыстан ж-а тез жогорулашынан келип чыгат да, туташ спектрдин бардык жыштыгын ичине алат. Мындай импульс кабылдагычтардын жыштык мүнөздөмөлөрүн аныктоодо ж-а архралык акустикада колдонулат. Жарык импульсу жарык булагынан эң кыска убакытка (0,01 *сек* ж-а андан да аз) жарык нурун чыгаруудан пайда болуп, тез өтүүчү процесстерди изилдөөдө (мис., фото ж-а кино тартууда ж. б.) жарык сигналдуу аппаратурада ж. б-да колдонулат.

ТОЛКУН ИНТЕРФЕРЕНЦИЯСЫ — фазалар айырмасы туруктуу болгон эки же бир нече толкун кошулганда (кабатталганда) алардын жыйынтыктоочу толкундун амплитудасынын күчөшү же басаңдашы. Т. и. жаратылышы түрдүү (суюктуктун бетиндеги, серпилгич, электр-магниттик) толкундарда байкалат. Эгер бирдей жыштыктагы эки толкунда термелүүлөр синусоида закону на баш ийсе, алардын багыттары бирдей болсо, ана жыйынтыктоочу толкундун амплитудасы: $A=\sqrt{A_1^2+A_2^2+2A_1A_2\cos\varphi}$.

Мында A_1, A_2 — кошулуучу толкундардын амплитудасы, φ — фазаларынын айырмасы. Эгер толкундар когеренттүү болсо, анда фазаларынын айырмасы берилген чекитте туруктуу, бирок чекиттен чекитке өзгөрүшү мүмкүн, отондуктан жыйынтыктоочу толкундун амплитудаларынын максимум ж-а минимумдары мейкиндикте кезектешип жайланышат. Т. и. илимде ж-а практикада кеңири колдонулат.

Лит.: Элементарный учебник физики, под ред. Г. С. Ландсберга, 6 изд., т. 3, М., 1970; Горелик Г. С., Колебания и волны, 2 изд., М.—Л., 1959.

ТОЛКУН КАРШЫЛЫГЫ. 1) **Акустикада** — газ же суюк чөйрөнүн таралуучу жалпак-тегиз толкундагы үн басымынын чөйрөнүн болүкчөлөрүнүн термелүү ылдамдыгына болгон катышы. Т. к. таралуучу толкун режиминде катуулук даражасын (б. а. чөйрөнүн деформация пайда болушуна каршылык көрсөтүү жөндөмдүүлүгүн) мүнөздөйт. 2) **Гидроаэромеханикадагы** Т. к. газ динамикасындагы ж-а оор суюктуктагы болуп айырмаланат. Газ динамикасындагы Т. к.— персеге карата газдын ылдамдыгы ундукпөн тез болгон учурда пайда болгон аэродинамикалык каршылык. Оор суюктуктагы Т. к.— суюктуктун персенин кыймылына жасаган каршылык күчтөрүнүн түзүүчүлөрүнүн бири. 3) **Электр техникадагы** Т. к.— электр-магнит толкундары таралган электр берүүчү линиядагы чыңалуунун токко болгон катышы.

ТОЛКУН ӨЛЧӨГҮЧ — радио жыштык диапазонундагы (10 *кгц*тен ондогон *Ггц*ке чейинки) термелүүлөрдүн толкун узундугун же электр-магнит термелүү жыштыгын өлчөгүч прибор. Т. ө. резонанстык ж-а гетеродиндик болуп бөлүнөт. Т. ө. жыштык өлчөгүч деп да аталат. Көпчүлүк Т. ө-түн иштөө принциби резонанс кубулушуна негизделген.

ТОЛКУН ӨТКӨРГҮЧ — толкун таралуучу чеги даана байкалган канал. Үн толкуну үчүн — түтүк, стержень же кыл, өте жог. жыштыктагы электр-магниттик толкун үчүн — диаметри түрдүү металл түтүктөр же диэлектрик стерженддер; жарык үчүн цилиндр же конус түрүндөгү түтүктөр колдонулат.

ТОЛКУН ПОЛЯРИЗАЦИЯСЫ — тууралжын толкундарда дүүлүгүүлөрдүн (мис., мех. толкундарда жылышуулардын ж-а ылдамдыктардын; электр-магнит толкундарда электр ж-а магнит талааларынын чыңалыштарынын) болуштүрүлүшүнүн толкун таралуу багытына карата ок симметриясынын бузулушу. Т. п. оптикалык диапазондогу электр-магниттик толкундарда негизги мааниге ээ, к. *Жарык поляризациясы*.

ТОЛКУН САНЫ — толкун узундугу λ м-н $k=2\pi/\lambda$ катышы аркылуу байланышкан чондук; 2π узундуктагы толкундар саны. *Спектроскопияда* Т. с.— толкун узундугуна тескери чондук ($1/\lambda$).

ТОЛКУН ТЕҢДЕМЕСИ — кандайдыр чөйрөдө козголуунун таралыш процесстерин түшүндүрүүчү айрым туундулуу дифференциал теңдеме. Аз козголуу ж-а бир тектүү изотропия чөйрө үчүн Т. т. төмөнкүдөй:

$$\frac{\partial^2 u}{\partial x^2}+\frac{\partial^2 u}{\partial y^2}+\frac{\partial^2 u}{\partial z^2}=\frac{1}{a^2}\frac{\partial^2 u}{\partial t^2},$$

x, y, z — мейкиндиктеги өзгөрмөлөр, t — убакыт, $u=u\ (x, y, z)$ — убакыт t учурда (x, y, z) чекитиндеги козголууну мүнөздөөчү иделүүчү функция, a — козголуунун таралуу ылдамдыгы. Т. т. математикалык физикада, практикада кеңири колдонулуучу негизги теңдемелердин бири. Эгер u функциясы эки (бир) гана мейкиндик өзгөрмөлөрүнө көз каранды болсо, анда Т. т. жөнөкөйлөнөт да, эки өлчөмдүү (бир өлчөмдүү) деп аталат. Кылдын термелиши бир өлчөмдүү Т. т. м-н жазылат: $\frac{\partial^2 u}{\partial x^2}=\frac{1}{a^2}\frac{\partial^2 u}{\partial t^2}$.

Ж. Д'Аламбер (1747) Т. т-нин түз ж-а тескери толкундардын катталышкан түрүндөгү $u=f(x+at)+g(x+at)$ теңдемесинин чыгаруу методун сунуш кылган, ал эми Л. *Эйлер* (1748) f ж-а g функциялары баштапкы шарттын берилиши б-ча аныкталганын далилдеген.

ТОЛКУН УЗУНДУГУ — толкундун термелүү фазалары бирдей болгон коңшу эки чекитинин ортосундагы аралыгы. Эгер толкундун термелүү мезгилин (T) ж-а анын таралуу ылдамдыгын (c) м-н белгилесек, анда Т. у. $\lambda=cT$ болот.

ТОЛСТАЯ МОГИЛА — б. з. ч. 4-к-дагы скиф дөбөсү. УССРдин Днепропетровский обл-ндагы Орджоникидзе ш-на жакын жерде. 1971-ж. Б. Н. Мозолевский ачкандыгы. Дөбөнүн алдынан ачылган 2 көндүн биринде (каптал жактагысында) көйүмдөрүнө алтын каңылтырлар капталган аялдын ж-а жаш баланын, о. эле алтындан коюп коюлган 4 малайынын сөөгү табылган. Скиф ак сөөгүнүн (ортоңку) көрүн уурулар бүлүндүрүп коткөн. Дөбөдөн курал, идиш-аяк, 600дөй алтын асем буюмдар табылган. Алардын ичинен эң кызыктуусу — жаңыбарлардын кармашын көрсөткөн ж-а скифтердин турмушунан кабар берген пектораль (көкүрөккө тагылчу алтын белги). Табылгалар УССРдин Тарыхый асыл табылгалар музейинде (Киев) сакталууда.

ТОЛСТОВ Сергей Павлович [12(25). 1. 1907, Петербург — 28. 12. 1976, Москва] — сов. этнограф, археолог, чыгыш изилдөөчү-тарыхчы, СССР ИАнын корр. мүчөсү (1953). 1944-жылдан КПСС мүчөсү. 1930-ж. МГУну бүткөн. 1939—51-ж. МГУнун тарых ф-тетинде этногр. кафедрасына башчы, проф., 1942—66-ж. СССР ИАнын Этногр. ин-тунун директору. Т. Өзбек ССР, Түркмөн ССР, Тажик ССР, Каракалпак АССР, о. эле ГДР ИАларынын ж-а Индиянын арх-ялык департаментинин корр. мүчөсү. Орто ж-а Ы. Чыгыш ин-тунун (Италия), Азия ж-а антроп-я коомунун (Париж) Королдук антроп-я ин-тунун (Улуу Британия ж-а Ирландия) ардактуу мүчөсү. Арх-я б-ча негизги эмгектери О. Азия элдеринин алгачкы ж-а байыркы доорлордогу, о. кылымдагы тарыхын, коомдук түзүлүшүн ж-а этносун изилдөөгө арналган. Т.— көп томдуу «Дүйнө элдери» китебинин редактору. 1937-ж. Хорезм арх-я-этногр. экспедициясын уюштурун, аны 1969-жылга чейин жетектеген. «Байыркы Хорезм» (1948) деген эмгеги үчүн СССР Мамл. сыйлыгын алган (1949). Бул эмгеги ГДР, ПЭР, ЧССР, Франция, Японияда которулган.. Үч орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: По следам древнехорезмийской цивилизации, М.—Л., 1948; По древним дельтам Окса и Яксарта, М., 1962.

ТОЛСТОЙ Алексей Николаевич [29.12. 1882 (10. 1. 1883), Николаевск ш. (азыркы Саратов обл-ндагы Пугачёв ш.) — 23. 2. 1945, Москва] — орус совет жазуучусу, коомдук ишмер, СССР ИАнын акад. (1939). Графтын үй-бүлөсүнөн. Петербург технол. институн окуган (1901—07). Чыг-лыгын ыр жазуудан баштаган. Жазуучу катары жакырланган ак сөөктөр ж-дөгү аңгеме, повесттери («Волга бою» цикли, 1909—11) ж-а «Чунактар» (1911), «Аксак бай» (1912) деген романдары м-н таанылган. 1914—16-ж. аскерде кабарчылык кылып, падышалык Россиянын турмушун сынга алган бир топ очерк, аңгеме ж-а пьесалар жазган. Окт. рев-лсы жеңгенде жактырган эмес. 1919—23-ж. эмиграцияда жашаган. 1923-ж. Россияга кайтып келген. 20—30-жылдардагы чыгармаларында («Невзоровдун жүрүшү же Ибикус», 1924; «Инженер Гариндин гиперболоиды», 1925—27; «Кара алтын», 1931 романдары ж. б.) капитализм сынга алынып, империалисттердин совет өкмөтүнө каршы агрессиясынын бети ачылган. Соц. реализм маанайында жазылган «Кыйын кезең» училогиндеги (СССР мамл. сыйл., 1943) тап күрөшүнүн драматизмин таасын берип, интеллигенциянын тагдыры ж-дө баяндайт. Айрыкча анын «Пётр Биринчи» тарыхый романында (1-к-п, 1929—30; 2-к-п, 1933—34; 3-к-би бүтпөй калган, 1944—45; 1941-ж. СССР мамл. сыйл.) орус улутунун өнүгүшүнүн өткөөл мезгилиндеги турмушу көркөм чагылдырылат. Т-дун согуш мезгилиндеги чыг-ларында («Иван Сударевдин аңгемелери», 1942—44) сов. патриотизм, совет элинин баатырдык күрөшү сүрөттөлөт. «Иван Грозный» драмалык экилогиясы (1942, 1943) СССР мамл. сыйлыгына ээ болгон (1946). Т-дун чыг-лары СССР ж-а дүйнө элдеринин тилдерине (кыргыз тилине да) которулган. СССР Жог. Советине (1-шайл.) депутат. Ленин ордени, башка эки орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Полн. собр. соч., т. 1—15, М., 1946—53; Петр Великий, 1-к-п, Фр., 1959; Кыйын кезең, 1—2-к-п, Фр., 1960; 3-к-п, Фр., 1962.

Лит.: Щербина В. Р., А. Н. Толстой. Творческий путь, М., 1956; Алпатов А. В., Алексей Толстой — мастер исторического романа, М., 1958; Крестинский Ю. А., А. Н. Толстой. Жизнь и творчество, М., 1960.

ТОЛСТОЙ Лев Николаевич [28. 8(9. 9). 1828, Ясная Поляна, азыркы Тула обл., Щека р-ну — 7(20). 11. 1910, Рязань-Урал т. ж-ндагы Астапов станциясы, азыркы Липецкий обл., Лев Толстой станциясы; сөөгү Ясная Полянага коюлган] — орус жазуучусу. Графтын уулу. Үйүнөн билим алып, 1844—47-ж. Казан ун-тинде окуган (бүткөн эмес). 1851—54-ж. Кавказда аскер кызматын өтөп, ошондо «Балалык» (1852), «Оспүрүм кез» (1854) повесттерин жазган. Ушул чыг-ларында эле белдүү реалист жазуучу катары таанылган. Буга 1847-жылдан күндолук жазып жүрүшү, аскерлер м-н жүрүп, турмуштун ак-карасын таанышы өбөлгө болгон. Севастополду коргоого катышып, ал туурасында да бир нече аңгеме жазган. Севастополь кыйрагандан кийин Петербургга келип, жазган «Жаштык» (1857), «Помещиктин таңы» (1856), «Поликушка» (1863) повесттеринде барын м-н мужуктун мамилесиндеги терең карама-каршылыкты көрсөткөн. 1857-ж. Франция, Швейцария, Италия, Германияга сапаттан, ошонун таасиринде жазган «Князь Д. Нехлюдовдун эскермелеринен. Люцерн» аңгемесинде бурж. орүштү, аның тарыхый прогрессчил ролун таңган. Дыйкан реформасынын убагында ж-а рев-ялык кырдаал жетилип келаткан учурда Т. саясий ж-а филос. көз карашы б-ча Н. Г. Чернышевский ж. б. рев-ячыл демократтар м-н келишкен эмес. 50-жылдардын аягында Ясная Полянадан турак алып, дыйкандарга жакындашат да, алардын балдары үчүн мектеп ачат, «Ясная Поляна» (1862) деген пед. журнал чыгарат. Ал Россия м-н Батыштагы муштра, схоластика, формализм мектептерин кескин сындап, эркин тарбияны жактаган. 1862-ж. Софья Андреевна Берске үйлөнүп, чарб. ишке оогон. Бирок чыг-лыгын таштабай, «Казактар» повестин жазган. 1863—69-ж. жазган «Согуш жана тынчтык» (1865—69-ж. басылган) романы м-н Т. даанышман жазуучу катары таанылды. 1812-жылкы Ата Мекен согуш ж-дөгү бул эпикалык баян элдин тарыхта чечүүчү күч экенин таанытkан патриоттук маанайда ж-а улуттук мүдөөнү көздөгөн ак сөөктөрдү сынга алып жазылган. Социалдык филос. жактан каныкканы, кейипкерлердин көптүгүнө жараша (500дөн ашык) композициясынын көп пландуулугу, психол. анализдин терендиги, пейзаж м-н портреттердин устат сүрөттөлүшү, тилинин байлыгы романды 19-к-дагы дүйн. реалисттик прозанын чокусуна алып чыкты. «Анна Каренина» (1875—77) романында помещик м-н дыйкан тичилигиндеги өзгөрүш, доордун социалдык-филос. маселеси, төбөлдөрдүн жалган ж-а ырайымсыз адебинен азап тарткан аялдын трагедиясы чагылган. 80-жылдары Т. патриархал дыйкандарга биротоло мүдөөлөш болуп, ал көз карашын «Ыйман сыры» (1880—82), «Менин ыйманым эмнеде?» (1883), «Эмне кылышыбыз керек?» (1882—86) ж. б. чыг-ларында билдирген. Т. элдик аңгемелерден тышкары «Иван Ильичтин өлүмү» (1886) повестин, «Түркөйлүктүн тутқуну» (1886) драмасын, «Агартуунун үзүрү» (1886—89) комедиясын, «Тирүү өлүк» (1900) драмасын жазган. 1891—93 ж-а 1898-жылдары Т. Рязань, Тула, Орёл губ-ндагы ачкалыктан жапа чеккен дыйкандарга жардам уюштурууга катышкан. Жеке бийликке каршылыгы «Пейилдин оңолушу» (1898—99) романында айкын чагылдырылган. Аның сынчыл реализминин күчү падышалык Россиянын бардык социалдык ж-а адептик таянычтарын аёсуз ашкерелегенинен даана көрүнөт. «Пейилдин оңолушундагы» чиркөөгө каршы айтылгандар Т-дун чиркөөдөн четтешине негизги себеп болгон. Бирок анда «толстойчулук» маанай — адептик өркүндөө, каарга күч м-н каршылык көрсөтпөө насааты байкалат. 1896—1904-ж. Шамиль м-н Николай I каарына калган тоолуктун драмалык тагдыры ж-дө «Хажы-Мурат» повестин жазган. Т. кийин көз карашы м-н Ясная Полянадагы оокаттуу тиричилигинин ортосундагы карама-каршылыктын азабын көп тарткан. 1905—07-жылдагы рев-я жеңилген соң реакциянын күчөшү Т-дун көңүл түйшүгүн ого бетер күчөтүп, 1908-ж. өлүм жазасына каршы «Үнчукпай көз албайм» деген макала жазган. 1905-ж. Т. Ясная Полянадан жашырын чыгып, жолдо өпкөсүнө суук тиет да, Астапов т. ж. станциясында каза тапкан. Сөөгү чиркөө ырым-жырымысыз эле 1910-ж. 22-ноябрда Ясная Полянага коюлган.



А. Н. Толстой.



Л. Н. Толстой.

Т-дун чыг-лыгы негизинен орус турмушунун дүрбөлөңдүү жылдарына туш келген: 1861-ж.— эски, патриархал Россиянын кыйрашы; 1905—07-ж.— биринчи орус бурж.-демокр. рев-ясы. Помещик төбөлдөрүнүн катарында өмүр сүрсө да, Т. акырындап өз табынын ылас, адилетсиз жамаатын жек көрүп, карапайым элдин адептик артыкчылыгына ишенген. Ленин Т-дун көркөм чыгармачыл күчүн ж-а жаңычылдыгын орус рев-ясы м-н байланыштырып, аны «орус революциясынын күзгүсү» деп ата-



П. Тольятти.

ган (Чыг., кырг. 1-бас., 15-т., 209—16-б.). Т-дун чыгармалары орус ж-а дүйн. ад-ттын өнүгүшүнө зор таасир этти. Анын көркөм методу сов. ад-тка, асыресе кыргыз совет ад-тына да жемиштүү таасир берди. Бир нече китеби кыргызча которулган. Т-дун музейлери: Ясная Поляна — мамл. чарбак-музей, Москвадагы мамл. музей, Москвадагы үй-музей, Лев Толстой станциясындагы музей. Калуга обл-ндагы район ж-а анын борбору Астапов кыш. Т-дун ысымында.

Чыг.: Полн. собр. соч., т. 1—90 (юбилейное изд.), М.—Л., 1928—58; Собр. соч., т. 1—20, М., 1960—65; Собр. соч. в 22-х тт., (издается с 1978 г.). Тандалган чыг., Фр., 1959; Согуш жана тынчтык. Роман, 1—4-т., Фр., 1949. 1951—54; Кичинекей ацгемелер, жомоктор жана тамсилдер, Фр., 1955; Ацгемелер, Фр., 1965.

Ад.: Ленин В. И., Лев Толстой — орус революциясынын күзгүсү, Чыг., кырг. 1-бас., 15-т.; Л. Н. Толстой в русской критике. Сб. ст., 3 изд., М., 1971; Камянов В., Поэтический мир эпоса. О романе Л. Толстого «Война и мир», М., 1978; Толстой и наше время. Сб. ст., отв. ред. К. А. Ломунов, М., 1978; Жигитов С., Көркөм сөздүн шаасы, «Ала-Тоо», 1978, № 9; Библиография литературы о Л. Н. Толстом, 1962—67, М., 1972.

ТОЛТО, аорта (гр. aorte) — бардык органды кан м-н камсыз кылуучу жүрөктөн чыккан чоң кан тамыр (артерия). Т-нун канталы 3 катмардан (ички, орт. сырткы) турат. Анын ийилгич, чоюлгуч канталы артерияларда кандын тынымсыз агымын камсыз кылат. Кишинин, сүт эмүүчүлөрдүн ж-а куштардын Т-су жүрөктүн сол карынчасынан жогору карай чыгып, кайра төмөн бурулат (Т. догосун пайда кылат). Сойлоочуларда 2 дого кошулуп, бир Т-ну түзөт. Жерде-сууда жашоочулардын арка Т-су болот. Балыктарда жүрөк карынчасы курсак Т-суна өтүп, вена каның артерия догосу аркылуу бакалоорго алып келет.

ТОЛУБАЙ СЫНЧЫ — кыргыздын элдик уламыштарынын баш каарманы. Бир уламышка караганда, Т. с. талаада жаткан бир жылкынын башынан ал тулпар аттын башы экенин аныктайт. Т. с-нын мындай сынчылыгын укkан кан аны чакыртып, өз жылкысынан тулпар таап бер деп кыйнайт. Т. с. кандын тулпар атыкан аттарынан бирден айып таап, кырк жеринде жоору бар, мүдүрүлүп басалбаган бир чаар атты тулпар деп көрсөтөт. Кандын буга ачуусу келип, Т. с-нын эки көзүн ойдуруп салат. Т. с. «көздүн куну» деп чаар атты алып кырк бир күн таптап, кемпирин алдына мингизип канды тосуп чыгып, «чобурга» күлүктөрүң м-н кубалап жетип көр дейт. Кандын тулпарлары канчалык күлүк болсо да, бирден айыбы болгондуктан чаар тулпарга жете албайт. Ошентип, кандан Толубай өчүн алат. Бул уламышта карапайым элдин өкүлү м-н кандардын ортосунда акыл мелдеши жүрөт. Уламыш түпкүлүгүн көрө билген элдик каармандын жеңиши м-н аяктайт. Эл оозунда Т. с. Жаныбек кандын түшүнда жашап өткөн тарыхый адам катары айтылган учурлар да бар. Жаныбек кан аны жакшы жер таап кел деп жер сынатканы да өзүнчө уламыш. Т. с. ж-дөгү уламыштардын дагы биринде Толубай байыркы Токтогул ырчынын баласы экени, ашкан саякор болуп, жылкыны тезегинен тулпарлыгын тааныганы айтылат. Кыргыздар Т. с. аркылуу эл ичинен чыккан акылман, баамчыл, кыраакы адамдардын типтештирилген элесин сактап келишкен. Т. с. ж-дөгү бир уламыштын негизинде А. Осмонов «Толубай сынчы» аттуу поэма жазган.

Ад.: ж-а текст: Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки, Фр., 1973, 81—82, 253-б.; Кыргыз эл жомоктору, Фр., 1975, 244—45-б.

ТОЛУБЕЕВ Юрий Владимирович [18. 4(1. 5). 1906-ж. т., Петербург — 28. 12. 1979, Ленинград] — сов. актёр. СССР эл артисти (1956), Соц. Эмг. Баатыры (1976). 1929-ж. Ленинград сахна өнөрү ин-тун бүткөн. Сахна ишмердигин 1926-жылдан баштаган. 1942-жылдан Пушкин атн. Ленинград академиялык драма театрында иштеген. Актёр түзгөн түрдүү мүнөздөгү образдар жеткиликтүүлүгү, психол. тактыгы м-н айырмаланат. Мыкты ролдору: Полоний (У. Шекспир, «Гамлет»), шаар башчысы (Н. Гоголь, «Текшерүүчү»; бул эки ролду кинодо да ойногон); Бубнов (М. Горький, «Түкүрдө») ж. б. Вожактын (В. Вишневский, «Оптимисттик трагедия», 1955) ролун мыкты аткаргандыгы үчүн 1958-ж. Лениндик сыйл. ыйгарылган. Кинодогу ролдору: Санчо Панса («Дон Кихот», 1957), Пилипенко («Авария», 1965) ж. б. 1967-ж. «Юрий Толубеев» деген документ фильм чыгарылган. Т. СССР мамл. сыйл. (1947) ж-а К. С. Станиславский атн. РСФСР мамл. сыйл. (1970) лауреаты. Ленин ордени, башка 2 орден м-н сыйланган.

ТОЛУИДИНДЕР, моноаминотолуолдор, толиламиндер — толуолдун аминдүү бирикмелери; үч изомери тең белгилүү (орто-, мета-, пара- Т.). Т. орг. эриткичтерде жакшы, сууда начар эрийт. Жарыкта жеңил кычкылданып, кararат. Т. хим. каснети жагынан анилинге окшош, кислоталар м-н туздарды пайда кылат, ацилдөө, галогендөө, сульфирлөө ж. б. реакцияларга кирет. Т. нитротолуолду калыбына келтирүүдөн алынат. Т. негизинен боёк алууда колдонулат.

ТОЛУИЛ КИСЛОТАЛАРЫ, метилбензой кислоталары, $CH_3C_6H_4COOH$, ароматтуу *карбон кислоталары, бензой кислотасынын* эң жакын гомологдору. Үч изомери (орто-, мета- ж-а пара-) тең түссүз кристаллдар, сууда эрибейт, спирт, эфир ж. б. орг. эриткичтерде жакшы эрийт. Т. к. ксилолдорду кычкылдандыруудан, толуидиндерден ж. б. жол м-н алынат. Т. к-на фенилуксус к-тасы $C_6H_5CH_2COOH$ (α-толуил к-тасы) кирет. Ал бензилхлоридди калий цианиди м-н кошуп, алынган бензилцианиддди суюлтулган күкүрт к-тасы м-н гидролиздеп алынат. α-Т. к. фенамин ж-а бензилпенициллин дарылары алууда колдонулат.

ТОЛУК МЕЙКИНДИК — ар кандай фундаменттүү удаалаштык пределдик чекитке ээ болуучу *метрикалык мейкиндик*. Эгер жетишерлик чоң n ж-а m номерлери үчүн x_n ж-а x_m чекиттеринин ортосундагы аралыгы кичирейсе, анда түз сызыктагы, тегиздиктеги же мейкиндиктеги $x_1, x_2, ..., x_n$ чекиттеринин удаалаштыгы фундаменттүү удаалаштык деп аталат. Чекиттердин удаалаштыгы пределге ээ болсун үчүн ал пределдин фундаменттүү болушу зарыл ж-а жетиштүү (Коши белгиси). *Евклид мейкиндиги, гильберт мейкиндиги,* кесиндидеги үзгүлтүксүз тонтун мейкиндиги ж. б. Т. м-ке мисал боло алат.

ТОЛУКТООЧ — сүйлөмдө кыймыл-аракеттин объектиси катары келчү *айкындооч* мүчө. Кыргыз тилинде багындыруучу сөздүн морфол. табиятына карата этишке ж-а атооч сөздөргө байланышкан Т. деп ажыран, мааниси, айтылыш формасына карай тике ж-а кыйыр Т. болуп бөлүнөт. Тике Т. табыш жөндөмөдө туруп, сүйлөм тутумунда өтмө этиштерге багынып, кыймыл-аракет түздөн-түз багытталган объектини көрсөтөт («китепти сүй», «малды бак»). Кыйыр Т. барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрдүн бирөөндө туруп же жандоочтор м-н айкалышып, кыймыл-аракет кыйыр түрдө багытталган объектини көрсөтөт («адамга айт», «улуудан ийген», «океан жөнүндө айтылды» ж. б.). Ал сүйлөмдө атооч сөздөр, көбүнчө өтпөс этиштер м-н байланышта келет. Т-тук милдетти зат атоочтор, заттык мааниде сөздөр ж-а сөз тизмектер аткарат.

ТОЛУК ТУУНДУ, t ж-а $x_1, x_2, ..., x_n$ге көз каранды болгон $y = F(t, x_1, x_2, ..., x_n)$ функциядан t б-ча алынган туунду. Т. т. төмөнкүдөй формула м-н туюнтулат:

$$\frac{dy}{dt} = \frac{dF}{dt} + \sum_{k=1}^{n} \frac{dF}{dx_k} \frac{dx_k}{dt}.$$

ТОЛУОЛ (исп. tolú — толуан бальзамы), метилбензол — бензол жыттанган, түссүз, күйүүчү суюктук; эрүү t — 95°С, кайноо t 110,6°С, тыгыздыгы 0,8669 $г/см^3$ (20°С). Т. коңчулук орг. эриткичтер м-н аралашат. Бензолго караганда орун алмашуу реакциясына активдүү кирет. Т-ду кычкылдандырууда бензой к-тасын, бензой альдегидин, бензил спиртин берет. Уксус, азот к-таларынын эритмеси м-н нитрлегенде α-нитротолуолду $C_6H_5CH_2NO_2$ берет. Ө. ж-да таш көмүр чайырынан ж-а нефть фракцияларын ысытып, кайра иштетүүдөн алынат. Т. дары-дармек, жарылгыч зат чыгарууда, о. эле лак, боёк, пластмасса, резина ж. б. алууда эриткич катары пайдаланылат. Т. нерв системасына, кан пайда кылуучу органдарга таасир этет. Анын абада зыянсыз концентрациясы 0,05 *мг/л*.



ТОЛЬ (фр. tôle—калдыркан темир) — жабуу ж-а суу өткөрбөс үчүн колдонулуучу курулуш материалы. Ал картонго таш көмүрдүн же сланецтин кара майын сиңирүү м-н жасалат. СССРде Т. бетине кум себилген ж-а кумсуз түрдө чыгарылат. Ал *битумга* караганда көпкө чыдабагандыктан убактылуу курулмаларда гана колдонулат.

ТОЛЬЯТТИ Пальмиро (жашырын аты — Эрколи, Альфредо ж. б.) (26. 3. 1893, Генуя — 21. 8. 1964, СССР, Крым) — италия коммунисттик ж-а эл аралык жумушчу кыймылынын ишмери. Кызматчынын үй-бүлөсүнөн. 1914-ж. Соц. партияга кирген. 1915-ж. Турин ун-тинин укук ф-тетин бүткөн. В. И. Лениндин чыгларын, большевиктер партиясынын документтерин италян тилине которуп, пропагандалаган. 1919-ж. А. *Грамши* м-н марксчыл «Ордине нуово» жумалыгын негиздешкен. 1921-ж. *Италия коммунисттик партиясын* түзүүгө активдүү катышкан. 1922-ж. компартиянын БКсына, 1923-ж. партия жетекчилигине шайланган. Компартияны солчул сектантчыл элементтерден тазалоо үчүн күрөшкөн. 1924-ж. Коминтериднин 5-конгрессине катышып, анын Аткомунун, 1928-ж. Президиумунун мүчөлүгүнө шайланган. Грамши каамалган соң (1926) Т. ИКПнин ген. секретары. Подпольедеги компартия анын жетекчилиги м-н фашизмге каршы баатырдык күрөшүн уланткан. Испан элинин фашизмге каршы согушуна (1936—39) катышкан. 1940—44-ж. СССРде жашап, 1944-ж. мартта Италияга кайткан. Ал түзгөн план б-ча жүргүзүлгөн элдик көтөрүлүш 1945-ж. 25-апрелде Италияны фашист немец баскынчыларынан толук бошоткон. 1944—46-ж. Т. коалициялык өкмөттүн составында портфелсиз министр, юстиция министри, премьер-министрге орун басар болгон. Т. италян элинин бошт. күрөшүндө сиңирген эмгеги үчүн Гарибальди атлын медалы м-н сыйланган. 1946-ж. Уюмдаштыруу чогулушуна, 1948-ж. парламентке депутаттыкка шайланып, андагы компартия тобун башкарган. Т. маркстик-лениндик илимге кыйла салым кошкон.

Чыг.: в рус. пер. — Избр. статьи и речи, т. 1—2, М., 1965.

Ад.: Феррара М. М., Беседуя с Тольятти, пер. с итал., М., 1954; Монтоньяна М., Воспоминания туринского рабочего, пер. с итал., М., 1951.


ТОЛЬЯТТИ (1964-жылга чейин — Ставрополь) — РСФСРдин Куйбышев обл-ндагы шаар, Ставрополь р-нунун борбору. Куйбышев суу сактагычынын сол жээгинде. Т.—т. ж. станциясы ж-а дарыя порту, маанилүү ө. ж. борбору. Калкы 502 миң (1979). Химия (фосфор, азоттук, синтет. каучук өндүрүү) ж-а машина куруу («Волгоцеммаш», электр-тех.) з-ддору, тамак-аш ө. ж. иштейт. Шаардын өнүгүшүндө *Волга автомобиль заводунун* курулушу (1967—72) чоң роль ойногон. Т-де 2 ил. из. ин-ту, политех. ин-ту, 4 техникум, мед., пед. ж-а муз. окуу жайлары, край дери, кант, минерал туздар, каротин көп. Т. жылуулукту, суунуу көп керектеп, күр топуракта кошумча аскытандырганда жакшы түшүм берет. Ал жакы кезинде желет. Консерва ө. ж-нда туздалат, маринаддалат, пюре, томат-паста, соус, томат шireси ж. б. даярдалат. СССРде Т. жылына орт. 225 миң *га* жерге эгилип, 3,5 млн *т* түшүм алынат (1974). Ачык жерде, парникте, жылыткычтар ж-а плёнка м-н жабылып, жылуулантылган жерлерде өстүрүлөт. Кырг-нда Т. 19-к-дын аягы — 20-к-дын башында өстүрүлө баштаган. Респ-када жашылча өсүмдүктүн айдоо аянтынын



Тольятти ш. Автозавод р-ну.

таануу музей бар. Т. 1738-ж. негизделген. П. *Тольяттинин* ысмынан аталат.

ТОМАТ (Lycapersicon), помидор — нт жүзүмдөр тукумундагы бир же көп жылдык жарым бадал же чөп сымал өсүмдүк уруусу. Мекени — Түш. Америка. Жапайы түрү Перу, Чилиде белгилүү. Бардык жерде өстүрүлөт.




Томат: *1* — гүлү; *2* — жалбырагы; *3*—момосу.

Т. Испания, Португалия, Италияда 16-к-да, Россияда 1780-жылдары пайда болгон. Т. уруусу 3 түргө: перу Т., түктүү Т. ж-а кадимки Т. болуп бөлүнөт. Кадимки Т-тын 2000ге жакын сорту белгилүү. Ал бир жылдык, сабагы төшөлмө же тик өсүмдүк, жалбырагы сортуна жараша ар түрдүү: жара кесик, канат сымал, тилик, бырыш. Гүлү майда, сары түстүү. Момосу тоголок, сүйрү, жалпак, оңу кызыл, кочкул кызыл, мала кызыл, саргыч. Ширелүү, жегиликтүү. Сортуна ж-а өсүү шартына жараша салм. 20—900 *г* ж-а андан да оор болот. Момосундө 4,5—8,1% кургак зат, 3,5—8,5% орг. кислоталар, 0,87—1,7% целлюлоза, 0,13—0,23% пектин заты ж. б. бар. О. эле С, B_1, B_2, РР витамин-30%ине Т. эгилет. Эрте бышуучу Талалихин 186, Маяк $^{12}/_{20}$, орто бышуучу — белек, Волгоград $^{5}/_{95}$, кеч бышуучу кыргыз кечи ж-а консерва ө. ж. үчүн жакылык, глория сорттору райондоштурулган. Илдети: макроспориоз, септориоз, фитофтороз, жалбырак боз тагы. Зыянкечи: кыл курт, шайтан кополоктор, галл нематодасы, бакча бити ж. б.

Ад.: Жученко А. А., Генетика томатов, Киш., 1973; Глущенко Е. Я., Стрекалова А. И., Томаты, Л., 1966.


...ТОМИЯ (гр. tomе — жара кесүү, тилүү) — татаал сөздөрдүн түтүмдаш аяккы бөлүгү; жалганган сөзүнө жара кесилген, тилинген дегендей мааниле кошот (мис. *Анатомия*).

ТОМОГО, тор, тумшук кап — *алгыр куштардын* козуң жаап коюучу кайыш калпакча. Т. кушка туурда отургандa (үйдө) ж-а ууга чыгарда (бироолорго катылбасын ж-а коргоо үчүн жаныбарга талпына берип чарчабоо үчүн) кийгизилип коюлат да, аңга салынарда башынан алынат.



ТОМСЕН Вильгельм Людвиг (25. 1. 1842, Копенгаген — 12. 3. 1927, ошол эле жер) — даниялык тилчи. Копенгаген ун-тинин проф. (1887—1913), Дания королдук ил. коомунун президенти (1909-жылдан). Салыштырмалуу тарыхый тил илими б-ча адис. Негизги эмгектеринде фини-угор ж-а түрк тилдери, фини тили м-н герман ж-а балтика тилдеринин карым-катнашы изилденет. Т. *Орхон-Енисей жазууларын* окуп (1893), анын байыркы түрк жазуусу экенин аныктаган.

ТОМСК — РСФСРдин Томск обл-ныи борбору, шаар. Томь д-ныи оң жээгиндеги порт. Белый Яр — Аспино — Тайга т. ж. Т-нии Транссибирь магистралына кошот. Аэропорту бар. Калкы 421 миң (1979). Т.— Батыш Сибирдин эң маанилүү ө. ж. борбор-лорунун бири. Машина куруу ж-а металл иштетүү башкы орунда. Ири ишканалары — «Сибкабель» бирикмеси, «Сибэлектрометр», подшипник, электр лампа ж. б. з-ддору. Химия, жыгач иштетүү, жеңил ө. ж. бар. Т-иде 6 жог. окуу жай, 2 театр, край



Томск ш. Ленин проспектиси.

таануу музейи ж. б. иштейт. Т. 1604-ж. негизделген.

ТОМСКИЙ Николай Васлевич [6(19). 12. 1900-ж. т., Рамушев кыш., азыркы Новгород обл.]—сов. скульптор, СССР эл сүрөтчүсү (1960). Соц. Эмг. Баатыры (1970), СССР САнын анык мүчөсү (1949; 1968-жылдан президент). 1950-жылдан КПСС мүчөсү. 1927-ж. Ленинград сүрөт о. ж. техникумун (В. В. Лишевден таалим алган) бүткөн. Т. негизинен монументтүү скульптурада ж-а портретте (көпчүлүгү коло м-н мрамор) эмгектенет. Ал индивидуалдуу ж-а типтүү, тыкан моделденген формаларды айкалыштырып, баатырдык пафоско каныккан образдарды түзгөн: С. М. Кировдун (1938, Ленинград), В. И. Лениндин (1940, Воронеж), И. Д. Черняховскийдин (1950, Вильнюс), Н. В. Гоголдун (1952, Москва), П. С. Нахимовдун (1959, Севастополь), В. И. Лениндин (1970, Берлин) ж. б. эстеликтери; И. Д. Черняховский (1947), П. А. Покрышев, А. С. Смирнов (1948), Н. В. Гоголь (1951; бардыгы Третьяков гал.) ж. б-дын скульптуралык портреттери.



Н. В. Томский. «Октябрь». Гипс. 1968. Автордун менчигинде.



Н. В. Томский.

В. И. Суриков атн. Москва корком ин-тунда сабак берет (1948; 1949-жылдан проф., 1964—70-ж. ректор). Москва сов. сүрөтчүлөр союзунун пред-ли (1951—56). СССР мамл. сыйл. (1941, 1948, 1949, 1950, 1952, 1979), Лениндик сыйл. (1972) лауреаты. КПССтин 24—25-съездлерине делегат. Эки Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Парамонов А., Н. В. Томский, М., 1953; Н. В. Томский. Каталог выставки, М., 1969; Балтуш П. К., Н. В. Томский, М., 1974.

ТОМСК ОБЛАСТЫ, РСФСРде. 1944-ж. түзүлгөн. Аянты 316,9 миң *км*². Калкы 866 миң (1979). Областта 16 район, 4 шаар, 11 ш. т. посёлка бар. Борбору — Томск ш. Т. о. Ленин ордени м-н сыйланган (1967).

Область Батыш Сибирдин түш.-чыгыш бөлүгүндө, Обдун ортоңку агымында жайгашкан. Деңиз деңг. бийик. 200 *м*ден ашпаган өтө саздуу тегиз аймак басымдуу. Борб. бөлүгүндөгү Обь д-ныи жазы өрөөнү областтын аймагын экиге болот: сол жээгин Васюган шалбаалуу ойдуңу (бийик. 166 *м*ге чейин) ээлейт; оң жээги көтөрүңкү (бийик. 193 *м*). Кен байлыктары: нефть, табигый газ, чым көң ж. б. Климаты континенттик, кышы суук ж-а узак (январдын орт. темп-расы —19°С... —21°С), жайы жылуу, кыска (июлдуку 17—18°С). Жылдык жаан-чачыны 400—550 *мм*. Башкы дарыясы Обь (куймалары: Томь, Чулым, Кеть ж. б.). Аймагынын 30% ке жакынын саз ээлейт. Негизинен чым көңдүү күл ж-а чым көң-саз топурактуу. Алтынын 56%ин токой (Сибирь кедри, пихта, карагай, кызыл карагай, кайың, байтерек ж. б.) каптап жатат. Жаныбарлары: сүлөөсүн, түлкү, түн. бугусу, багыш, элик, кош аяк, тыйын чычкан, булгун, ондатра ж. б. Балык көп.

Областта орус (89%), украин, белорус, татар ж. б. улуттар жашайт. Орт. жышт. 1 *км*²ге 2,6 киши. Шаар калкы 65% (1979). Шаарлары: Томск, Асино, Колпашево.

Ө. ж-ныи башкы тармактары — машина куруу ж-а металл иштетүү (электр-тех., прибор куруу, аспап ж-а подшипник чыгаруу ж. б.). Алар негизинен Томск ш-нда топтолгон. Токой ө. ж. жылына 8—9 млн *м*³ жыгач даярдайт, ал негизинен 4 заводдо иштетилет (Могочинск, Кеть, Асино ж-а Томск ш-нда; Асинодо, Колпашеводо ж-а Белый Ярда токой ө. ж. комплекстери түзүлүүдө. Тамак-аш ж-а жеңил ө. ж. бар. Ө. ж-дын жаңы тармагы — нефть өндүрүү. А. ч. эт, сүт багытында. А. ч-га жарактуу жери 1614,2 миң *га*, анын ичинен айдоо 669,6 миң *га*, чабынды 584,3 миң *га*, жайыт 360,1 миң *га* (1979). Буудай, сыгыр, картошка ж. б. эгилет. 1979-ж. 331,8 миң уй (сааны 129 миң), 247,7 миң чочко, 63,1 миң кой-эчки болгон. Аччылык ж-а калтар асыроо өнүккөн. Т. ж-дун уз. 164 *км*. Обь, Томь, Чулым ж. б. дарыяларда кеме жүрөт. 1978—79-окуу жылында 501 жалпы билим берүүчү мектеп, 39 кесипчилик, 19 атаандаш орто, 6 жог. окуу жайы болгон. 530 китепкана, 3 музей, 2 театр, 545 клуб иштеген (1978). 1978-ж. 11,1 миң орундуу 98 ооруканa, 5 санаторий ж-а 20 эс алуу үйү болгон. Областтык «Красное знамя» (1917-жылдан), «Молодой ленинец» (1920) газеталары чыгат.

Ад.: Российская Федерация. Западная Сибирь, М., 1971 (серия «Советский Союз»); Родной край. Очерки природы, истории, хозяйства и культуры Томской области, Томск, 1974.

ТОМСК УНИВЕРСИТЕТИ В. В. Куйбышев атн.— Сибирдеги эски уң-т. 1888-ж. ачылган. 1934-ж. В. В. Куйбышевдин ысмы берилген. 12 ф-тет, сыртта окуу ж-а даярдоо бөлүмдөрү, аспирантура, 3 ил. из. ин-ту, 77 кафедра, эсептоо борбору, 7 проблемалык лабор-я, 6 музей, ил. китепкана бар. 1978—79-окуу жылында уң-тте 8 миңден ашуун студент окуп, 1,5 миңден ашуун окутуучу ж-а пл. кызматкер (65 проф., илимдин доктору; 600дой доцент, илимдин кандидаты) иштеген. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган (1967).

ТОМСОН ЭФФЕКТИСИ термоэлектрдик — термоэлектр кубулуштарынын бири. Эгер ток өтүүчү өткөргүчтө темп-ра өзгөрсө, анда өткөргүч *Жоуль-Ленц закону* б-ча бөлүнүп чыккан жылуулуктан башка *Q* жылуулукту бөлүп чыгарат же жутат (ток багытына жараша): $Q = \tau(T_2 - T_1)It$, мында *Q* — Томсон жылуулугу, *I* — ток күчү, *t* — убакыт, $T_2 - T_1 = \Delta T$ — темп-ралар айырмасы. Бул кубулушту англис физиги У. Томсон ачкан (1856).

ТОМУК КАТМАЙ, томук жашырмай — кыргыздын мелдеш оюндарынын бири. Мелдешкен эки кишинин бири кой-эчкинин томугун оң же сол колуна катууга макулдашып, мөрөйүн алдын ала бычып, экинчиси сурайт. Т. каткан адам аны ар дайым болжошкон шарт б-ча алып жүрүп, доочу сураганда көрсөтө коюшу керек. Катkан адам томукту сурар м-н көрсөтө койсо утат, көрсөтө албай калса утулат. Аны көбүнчө жаштар ойнойт.

ТОМЬ — РСФСРдеги дарыя, Обдун оң куймасы. Уз. 827 *км*, алабынын аянты 62 000 *км*². Абакан кырка тоосунун батыш капталынан башталат. Негизинен кар суулары менен куралат. Орт. чыгымы чатынан 580 *км*де 650 *м*³/*сек* (чатында 1110 *м*³/*сек*), эң чоң чыгымы — 3960 *м*³/*сек*. Окт.— декабрда тоңуп, апр.-майда ачылат. Ири куймалары: Мрас-Суу, Кондома, Унья (сол); Уса, Жог. Терсь, Ортоңку

Терсь, Төмөнкү Терсь, Тайдон (оң). Томск ш-на чейин кеме жүрөт. Жээгинде Новокузнецк, Кемерово, Томск ш-лары жайгашкан. Т-дун алабында Кузнецк көмүр бассейни бар.

ТОН (гр. tónos — үндү көтөрүү, басым) — 1) белгилүү бийиктикке ээ үн; муз. үн. 2) Октавадагы үндөрдүн $\left(\frac{1}{6}\right)$ интервалы (чоң секунда, о. эле азаитылган терция, эки эселенген прима); бүтүн Т. 3) Чиркөө ладдарынын системасында ладды белгилөө (мис., 1 тон, VI тон, VIII тон). 4) Тондуулуктун эски аты. 5) Бир тондуулукка келтирүү үчүн белгилүү бийиктиктеги үн («Т. берүү»). 6) Башка сөздөр ж-а терминдер м-н түрдүү байланышта — үн: кириш Т. (ладдын), терциялык Т. (аккорддун), кадимки үн катарынын Т-у; обертон ж. б. 7) Аспап үнүнүн сапаты же мүнөзү («жагымдуу Т.», «жумшак Т.»).

ТОН — түстүн негизги сапатынын бири, анын жардамы м-н кара, сары, күрөң ж. б. түстөр айырмаланат. Боёк аттарын ажыратууда адегенде Т-дун түсү көрсөтүлөт (сары, саргыч ж. б.). Живопистеги тондуулук боёктордун жалпы Т. түстөрү м-н шайкеш келгидей тандалат. Тигил же бул түстүн басымдуу болушуна ж-а айкалышындагы айырмасына жараша сүрөттөгү Т. күмүш же алтын сымал ж. б. түстүү болушу мүмкүн. «Т.» термини живописте түстүн ачыктыгын аныктоо үчүн да колдонулат.

ТОН, бостун — эркектин кышкы сырт кийими. Ал ашатылып, өндөлүп, ак же боёлгон койдун терисинен жүнү ичине каратылып жасалат. Т-го кара көрпө же сапсандан жака салынып, өңүрү узатасынан бойлото, этекжеңи эни 10—20 *см* келген көрпө м-н кобоолонот. Мурда жакасыз тигилип, этегинен жакасына чейин эни 4—5 *см*дей сапсак тери же кара көрпө м-н да кобоолонгон. Учасынан эки капталы ачык тумарчаланып тигилген Т. да болгон. Т-дун жакасына бир гана бүчү кадалган.

Ад.: Антипина К. И., Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов, Фр., 1962; Абрамзон С. М., Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи, Л., 1971.

ТОНГА, Тонга Короолдугу — Тынч океандын түш.-батышындагы мамлекет. Британия шынымагынын составында. Аянты 699 *км*². Калкы 100 миң (1977). Негизинен тонгалыктар (98%). Дини б-ча протестанттар. Офиц. тили—тонга ж-а англис тилдери. Борбору — Нукуалофа ш. (калкы 25 миң, 1977).




Т. — конституциялык монархия. Мамлекет башчысы — король. Мамл. желегин ж-а мамл. гербин к. *Мамлекеттик желек*, *Мамлекеттик герб* макалаларынын таблицаларынан.

Т.— Тонга а-дарында жайгашкан. Климаты тропиктик, дениздик. Февралдын орт. темп-расы 26,1°С, августуку 20,3°С. Жылдык жаан-чачыны 2000 *мм*. Нымдуу тропик токою өсөт.

5-к-дын аягы — 6-к-да Тонга а-дарына полинезиялыктар келип отурукташкан. Болжол м-н 10-к-да алгачкы мамлекет түзүлүштөрү пайда болуп, атадан-балага мураска калтырылып турган. Европалыктар Тонга а-дарына 17-к-да биринчи жолу келип, 18-к-дын аягы — 19-к-дын башында алгачкы миссионерлерин жиберишкен. 19-к-да Т-да англ. протекторат орнотулуп, бийлик чынында англ. консулдун колуна өткөн. 1958-ж. Т-ныи автономиялуулугу бир аз кеңейтилип, Т. өкмөтү башка өлкөлөр м-н соода келишимин түзүү укугун алган. Англия-Тонга келишиминде (1968) Улуу Британиянын Т. өкмөтүнүн иш-аракетин контролдоосун акырындан азайтуу каралган. 1970-ж. 4-июнда Т. көз карандысыз королдук деп жарыяланган.

Экономикасынын негизин а. ч. түзөт. А. ч-га жарактуу 55 миң *га* жердин 24 миңи айдоо, 29 миңи көп жылдык өсүмдүктөр. Негизги экспорттук өсүмдүктөрү — кокос пальмасы, банан; цитрус өсүмдүктөрү, ананас, батат, маниок ж. б. өстүрүлөт. Уй, чочко, кой ж. б. багылат. Ө. ж-нан тактай тилүү з-ду, а. ч. сырьёлорун иштетүүчү ишканалары бар. Сыртка копра, банан чыгарып, машина ж-а жабдууларды, азык-түлүк ж. б. алат.

Ад.: Тонга, в кн.: Страны мира. Краткий полит.-экон. справочник, М., 1978, с. 480.



ТОН ДЫК ТХАНГ (20. 8. 1888, Лонгсюйен провинциясы—30. 3. 1980, Ханой) — Вьетнам Социалисттик Республикасынын (ВСР) саясий ж-а мамл. ишмери. Франция АДФинде аскердик кызмат өтөп, 1919-ж. Кара деңиздеги француз моряктарынын көтөрүлүшүнө катышкан. 1925-ж. Вьетнам рев-ячыл жаштарынын шериктештигин түзүшкөн. 1929—45-ж. Пуло-Кондор а-нда камакта болгон. 1935-жылдан Инди-кытай компартиясына, 1951-жылдан Вьетнам эмгекчилер партиясынын (ВЭП) БКсына мүчө. 1951—55-ж. Бирдиктүү улуттук фронттун Туруктуу комитетинин пред-ли. 1955—60-ж. ВДРдин Улуттук чогулушунун Туруктуу комитетинин, 1955-жылдан Вьетнам Ата Мек. фронтунун Президиумунун БКсынын пред-ли. 1950—69-ж. Вьетнам-Совет достук коомунун пред-ли. 1960—69-ж. ВДРдин вице-президенти. 1969-жылдан ВДРдин, 1976-жылдан ВСРдин президенти. «Элдер ортосунда тынчтыкты чыңдаганы үчүн» Эл аралык Лениндик сыйл. лауреаты (1955). Ленин ордени (1967), Октябрь Революциясы ордени (1978) м-н сыйланган.

ТОНЗИЛЛИТ (лат. tonsillae — бадам сымал бездер, алкым бездери) — алкым бездеринин сезгениши. Ал катуу кармаган (к. *Ангина*) ж-а өнөкөт болуп болүнөт. Өнөкөт Т. бир нече ирет кармаган ангинадан ж-а кээ бир жугуштуу ооруладан (*скарлатина, кызамык, кептөөр*) кийин байкалат. Жөнөкөй түрүндө тамак ооруйт, токсиндик аллергиялык Т-те эт ысыйт, алкым, моюн бездери сезгенет, жүрөктүн иштеши бузулат. Өнөкөт Т. кызыл жүгүрүк, *нефрит*, *тиреотоксикоз* ж. б. ооруларга ж-а алардын күчөшүнө алып келет. Дарылоо. Жөнөкөй өнөкөт Т-те тамакты фурацилин эритмеси ж. б. м-н чайкоо, антибиотиктер, сульфаниламид дарыларын кабыл алуу, *физиотерапия*; токсиндик аллергиялык түрүндөгүсүндө тонзиллэктомия (хирургиялык жол м-н бездерди алып таштоо) колдонулат.

ТОНКИН, кээде Тункин—1) о. кылымдагы Вьетнамдын борбору Тханг-

лаунг (азыркы Ханой) — Донкинь («Чыгыш борбор») ш-ныи бир аты-ныи португалча туура эмес айтылышы; 2) 16—19-к-да Вьетнамдын түн. райондорун европалыктардын аташы; 3) Франц. колониячылар 1884-ж. Вьетнамды басып алгандан кийин олконун түн. бөлүгүнүн аталышы. ВДР түзүлгөндөн (1945) кийин Т. аймагы Бакбо (Түн. болук) деп аталат.

ТОННЕЛЬ, туннель, тешкен тоо — транспорт откөрүү, суу агызуу, коммуникация куруу ж. б. үчүн горизонталь же жантык оюлган жер астындагы курулма. Арналышына ж-а конструкциялык өзгочөлүгүнө жараша т. ж., метрополитен, автомобиль жолу, жөө кишн жолу, гидротех., ГЭС, мелиорация, каналнзация ж-а суу м-н жабдуу системасы үчүн курулган Т. болуп айырмаланат. Жайгашкан ордуна карата Т. жер астындагы, суу (мис., канал, көл) астындагы ж-а тешкен тоо (ашуудагы, жантайма ж-а добо жердеги) болуп бөлүнөт. Т-дин терендиги, узундугу, туурасынан кесилиш формасы ж-а өлчөмү Т. курула турган жердин топографиялык, геол., климат шартына ж-а Т-дин арналышына жараша болот. Т-дн жасоо ыкы тешип казуу, тосмо-жологуч конструкцияны пайдалануу же ачык казуу м-н жүргүзөлөт. Кырг-нда Союз б-ча эң бийик (3200 *м*) жайгашкан тешкен тоо бар (Төө-Ашууда уз. 2800 *м*). Фрунзе ш-нда Ленин проспектиси м-н Белинский көчөсүнүн кесилишинде ж. б. жерлерде жөө кишилер өтө турган Т. пайдалануугa берилген.

Ад.: Волков В. П., Тоннели, 3 изд., М., 1970.

ТОНОП АЛУУ — Сов. уголовный укук б-ча жабырлануучунун өмүрүнө коркунуч келтирүүчү күч колдонуу же коркутуу м-н мамл., коомдук ж-а өздүк мүлктү өзөө максатында кол салуу. Күнөөлүү адам чынында күч колдондубу жокпу, жабырлануучунун саламаттыгына зыян келтирдибн жокпу, мүлктү өзледибн жокпу ал кол салгандан кийин Т. а. кылмыштын бүткөн түрү болуп эсептелет. Коомдук же өздүк мүлктү Т. а-да Этөн 10 жылга чейин эркинен ажыратуу ж-а үй-мүлкүн конфискациялоо жазасы каралат. Күнөөнү оордотуучу жагдайлар алдын ала сүйлөшүп алуу, курал-жарак колдонуу, денеге оор залал келтирүү, өзгөчө коркунучтуу рецидивист тарабынан ишке ашырылуу, мурда Т. а. кылмышын жасаган адам тарабынан иштелүү ж. б. Т. а. б-ча жообкерчиликке 14 жаштан тартылат.

ТОНУС (гр. tónos — чыңалуу) — нерв борборлорунун ж-а булчуң тканынын талбай узак убакыт ж-а туруктуу дүүлүгүүсү (физиол. мааниде). Нерв борборлорунун Т-у — мээ ж-а жүлүн эфферент нервдери аркылуу сигнал жиберип, орган м-н ткандарды белгилүү функциялык абалда узакка кармап туруусу. Булчуңдардын Т-у денеин белгилүү абалда кармап турууда булчуңдардын жыйрылышы.

ТОҢ — Ысык-Көл обл-нын Тоң р-нундагы суу. Тескей Ала-Тоосунун түн. капталындагы моңгулөрдөн башталып, Ысык-Көлгө куят. Уз. 36 *км*, алабынын аянты 742 *км*². Жог. агымында өрөөнү тепши түрүндө, нугунда кой таштар көп. Ортоңку ж-а төмөнкү агымында өрөөнү кенеп. Ири куймалары: Ащы-Сай, Корумду, Зындан (оң), Бор-Дөбө, Ак-Таш, Ак-Сай (сол). Алабында 12 моңгу бар. Негизинен моңгу, кар, булак сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 2,15 *м*³/*сек*. Май айында кирии, сентябрда тартылат. Негизинен сугатка пайдаланылат. Жээгинде Туура-Суу, Кара-Жал кыш. жайгашкан.

ТОҢ — Ысык-Көл обл-нын Тоң р-нундагы Тоң поссоветине карштуу кыштак. Кыргызстан комсомолунун 50 жылдыгы атн. с-здун борбору. Райондун борбору Боконбаевден 7 *км* түн.-чыгыш тарапта. Көлдүн жээгинен 0,5 *км*. Рыбачье — Пржевальск автомобиль жолунун боюнда. Рыбачье т. ж. станциясынан 110 *км*. Калкы 932 (1979). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар. 1929-ж. орношкон.


ТОҢ АШУУСУ Тескей Ала-Тоонун батыш бөлүгүндө. Бийикт. 4024 *м*. Түш. бети тик, түн. капталы жантырааК. Түш. тарабындагы өрөөндүн таманынан ашуунун мойногуна чейинки бийикт. 540 *м*. Ашуу аркылуу Ысык-Көл м-н Кичи-Нарын (Балгарт, Уч-Эмчек) өрөөндөрүн байланыштыруучу автомобиль жолу өтөт.

ТОҢ БАЛЫК ӨСТҮРҮҮ ЗАВОДУ — балык өстүрүүчү чарбалардын бири. Тоң суусунун чатында. Балык чарбасын өнүктүрүү ж-а Ысык-Көлдүн жерг. климат шартына көнгөн кунарду балык өстүрүү максатында 1963-ж. уюштурулган. Завод 1968-ж. кайрадан реконструкцияланган. Анда форель, көк чаар балыктарынын уругу алынып, жасалма көлмөлөрдө бир ж-а үч жылга чейин өстүрүлөт. Колдо өстүрүлгөн икра айлана-чөйрөгө көнүкпөндүктөн тез, жакшы чоңоюп, сапаттуу урук берет. Завод ар жылы орт. 8—10 миң форель, көк чаар балыктарынын чабактарын чыгарып, алар көлгө коё берилет.

ТОҢГОЛОК — жер бети м-н андагы перселерде (дарак, телеграф зымы ж. б.) тумандын же жамгырдын тамчыларынын тоңушунан пайда болгон тыгыз муз. катмары. Т. абанын 0°Сден —3°Сге чейинки (айрым учурда андан да төмөнкү) темп-расында байкалат. Тоңгон муздун калыңдыгы бир нече *см*ге жетет. Т. учурунда бутактар сынып, зым зэулүп, айдоо зыянга учурайт.

ТОҢДУРМА — жаздык эгинди себүү үчүн жайдын аягында ж-а күздө айдалган жер. Жерди тоңдурма айдоо Чыгыш Европада Киев Русунда, Батыш Европада 19-к-дын башынан пайдаланылган. СССРде соц. ири чарбаларда — колхоз-совхоздордо кеңири колдонулат. Т-ланган топурак күзгү жаанды, сууну жакшы сиңирип, өсүмдүккө сиңимдүү азык зат топтойт. Өтоо чөптөн, кыштама зыянкечтен, өсүмдүк илдетинен сактайт. Жерди эрте жазда иштөөнү жеңилдетет. Талаадагы а. ч. өсүмдүгү жыйналган соң жер жумшартылып, 15—20 күндөн кийин, отоо чөп чыга баштаганда айдалат. Айдоо алдында орг. ж-а минерал жер семирткич чачылып, кычкыл топурак акн танталат. Күл топуракту жер 22—23, күр, кара топурак жер 35 *см* терендикте айдалат. Т. айдаганда, айрыкча кургакчыл райондордо, а. ч. өсүмдүгүнүн түшүмү жогорулайт. Т. Кырг-ндын колхоз-совхоздорунда да кеңири колдонулат.

ТОҢКУЛДАКТАР (Picidae) — куштардын тоңкулдак сымалдар түркүмүндөгү тукуму. Денесинин уз. 8ден 50 *см*ге чейин. Алардын баш сөөгү өзгөчө чыц ж-а чоц, тумшугу көзөөч сыяктуу учтуу, туа ж-а күчтүү келип, катуу мүйүз кабыкча м-н капталган. Т. тилин узун суна алат. Жабышкак шилекей бөлүп чыгарчу бездери жакшы өөрчүгөн. Эки манжасы (1-, 4-) алга, экөө (2-, 3-) артка карай созулуп, бак-дарakта жармашын, жерге-лөп жүрүүгө ылайыкталган. Күйрук чалгындары жакшы өөрчүгөн. Коңуздарга, көзде ийиндерге уялап, 3—7 жумуртка тууйт. Австралия, Полинезия, Мадагаскар, Жаңы Гвинеядан башка бардык жерге таралган 224 түрү белгилүү, СССРде 15 (4ү Кырг-нда) түрү кездешет. Т. ар кандай бакдарак зыянкечтери м-н азыктанып, пайда келтирет.



1-сойку баш; 2-кара тоңкулдак; 3-ала тоңкулдак; 4-үч манжалуу тоңкулдак.

ТОҢ МИНЕРАЛДУУ СУУСУ, Кереге-Таш жылуу суусу — Ысык-Көл обл-нын Тоң р-нундагы дарылык касиети бар радондуу арашан булак. Боконбаев кыш-нан 28 *км* түш. тарапта, Тескей Ала-Тоонун түш. капталындагы Жылуу-Суу өрөөнүндө, деңиз деңг. 3040 *м* бийикте. Суу ж-дө

алгачкы маалыматты 1915-ж. К. И. Аргентов берген, бирок анын толук анализин 1952-ж. А. П. Ромах жүргүзгөн. Арашан булактар палеозойдун баштапкы-шында пайда болгон порфир сымал граниттердин арасындагы тектоникалык жаракалардан грифон түрүндө атырылып чыгат. Суу түссүз, даамсыз, бирок күкүрттүү суутек жыттанат, темп-расы 46°С, дебити 0,2—0,5 *л/сек*. Составы б-ча сульфат-хлорид—натрий-кальцийлүү. Суудагы эриген газдар: күкүрттүү суутек 10 *мг/г*, көмүр кычкыл газы 14 *мг/л*; активдүү компонент — радон 3,2·10⁻⁹ Махе бирдигине жетет. Суунун жалпы минералданышы 900—1200 *мг/л*. Суу кыймыл ж-а таяныч органдарынын, четки нерв системаларынын, тери (жараат) ж-а гинекология ооруларын кирүнүү жолу м-н дарылоого жарамдуу. Суугa чейинки жол ашуу аркылуу өтүп, татаал болгондуктан азыркы учурда жерг. эл гана пайдаланат.

Ад.: Катаева Н. И. [и др.], Подземные минеральные воды Киргизской ССР, Фр., 1969.

ТОҢ РАЙОНУ — Ысык-Көл обл-нын батыш бөлүгүндөгү админ. район. 1936-ж. уюшулган (1963-ж. Жети-Өгүз р-нуна кошулуп, кайра 1965-ж. бөлүнгөн). Түн.-батышынан Кемин, батышынан Кочкор, түш.-батышынан Тянь-Шань, чыгышынан, түш.-чыгышынан Жети-Өгүз р-ндору м-н чектешет, түндүгүнөн Ысык-Көл чулгайт. Аянты 7128,7 *км*². Калкы 43,5 миң (1979). Т. р-нда 4 колхоз, 4 совхоз, 1 живпром, 36 кыштак, 1 ш. т. посёлка бар. Борбору — Боконбаев кыш.

Райондун аймагын *Тескей Ала-Тоо* 2 бөлүккө бөлөт: түн. (өрөөндүү) — мында бардык айдоо аянты жайгашкан, түш.— сырт (жайыт). Рельефи жээк (мында Кызыл-Тоо, Кара-Сай, Боз-Чап, Чункурчак, Тастарата, Тегерек, Дувана тоолору ж-а Коңур-Өлөң — Ала-Баш, Жер-Үй, Бар-Булак, Кажысай өрөөндөрү жатат), тоо (Тескей Ала-Тоо ж-а анын түн. тармактары) ж-а сырт (Тескей Ала-Тоодон түштүктү карай) болуп бөлүнөт. Кен байлыктары: көмүр (к. *Советту көмүр кени*), курулуш материалдары, минералдуу булактар (к. *Тоң минералдуу суусу*) ж. б. Климаты мелүүн континенттик; январдын орт. темпрасы —5...—10°С, июлдуку 15—18°С; бийик тоолуу сырттарда январдыкы —15...—20°С, июлдуку 5° С. Жылдык жаан-чачыны 200—300 *мм*, сыртта 500 *мм*ге чейин. Суулары: Тоң, Коңур-Өлөң, Туура-Суу, Ак-Сай, Ак-Терек; сырт бөлүгүндө Балгарт (куймалары — Жылуу-Суу, Буркан, Кызыл-Суу, Айкөл, Арчалы ж. б.). Топурагы м-н өсүмдүгү бийиктик б-ча өзгөрөт. Деңиз деңг. 1609—1705 *м* бийикте көл кылаасындагы жарым-чөлдүү талаа, андан жогору талаа (1700—1800 *м*), тоо этектериндеги адырлуу талаа (1800—2000 *м*), токойлуу талаа (2000—2100 *м*), токой (2100—2900 *м*; райондун чыгыш бөлүгүндө Тескей Ала-Тоонун түн. капталы), субальп, альп (2900—3800 *м*) ж-а гляциалдык-нивалдык (3600—4600 *м*) ландшафт алкактары бар. Жаныбарлары: илбирс, аюу, карышкыр, түлкү, аркар, тоо эчки, элик, суур, суусар, тышкан чычкан, доңуз, ондатра, бүркүт, улар, кыргоол, кекилик, чил ж. б.

Райондо кыргыз, орус, өзбек, дунган ж. б. улут жашайт. Орт. жышт. 1 *км*²ге 6,1 киши (1979).

Т. р.— негизинен мал чарба району. Уяц ж-а жарым уяц жүндүү кой асыроо басымдуу. 1977-ж. 10,7 миц уй ж-а топоз, 446 миц кой-эчки, 8970 жылкы болгон. А. ч-га жаракту жеринин 257 миц *гасы* айдоо, 2166 *гасы* чабынды, 333,5 миц *гасы* жайыт (1977). Дан эгиндери (5641 *га*), тоют өсүмдүктөрү (13551 *га*), картошка, жашылча ж. б. эгилет. Дыйканчылыгы сугатка негизделген. Райондо ө. ж-нан Кажысай ш. т. посёлкасындагы «Центральная» шахтасы (көмүр казып алынып, жерг. керектөөгө жумшалат), электр тех. з-ду бар. Электр-тех. з-ду продукцияларын Алтайдагы трактор, Волга автомобиль з-ддоруна, Запорожье, Новосибирск, Ленинград, Магадан, Баку, Якутск ш-ларына ж-а Индия, Болгария, Польша, Вьетнам, Венгрияга жиберет. Мындан башка *Тоң балык өстүрүү з-ду*, үй-тиричилик комбинаты (4 филиалы, 17 устаканасы м-н), сут, нан з-ддору иштейт. 1978—79-окуу жылында 20 орто, 7 сегиз жылдык, 1 мектеп-интернат, муз., спорт мектептери, 2 кесипчилик окуу жаны, Кара-Көл ш. т. посёлкасындагы кесипчилик окуу жайынын филиалы (Кажысайда) бар. Райондун аймагынан Фрунзе — Пржевальск автомобиль жолу өтөт; түн. (өрөөндүү) бөлүгү сырт м-н Кочкор ж-а Каракужур өрөөндөрү аркылуу байланышат. 1977-ж. 9 клуб, 9 мад-т үйү, 25 китепкана, 4 оорукана, 3 поликлиника, 30 фельдшер-акушердик пункт болгон. Райондук «Эмгекчил» газетасы (1966-жылдан) чыгат. Боконбаев, Карагоо, Төрт-Күл кыш-нда ж-а Кажысай ш. т. посёлкасында Улуу Ата Мек. согуштa курман болгондорго эстелик тургузулган. Райондун аймагында Бар-Бузулак (10—12-к.), Кан-Дөбө (6—12-к.) шаар чалдыбарлары, Кажысай кербен сарайы (9—12-к.) ж. б. археол. эстеликтер бар.

Ад.: Асымбеков У. У., Специализация и концентрация сельского хозяйства южного Прииссыкулья Киргизской ССР, Фр., 1966; Джангазиев И. Д., Экономика и новый быт на селе, Фр., 1969; Забиров Р. Д., Иссык-Куль, Фр., 1971.

ТОҢ ТААШУУ, к. *Геокриология*.

ТОҢ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ — 6—12-к-да Ысык-Көл ойдуңундагы ири шаарлардын бири. Ал О. Азиядан Чыгыш Түркстанга кетүүчү байыркы кербен жолдун боюнда болгон. Азыр Кан-Дөбө аталат. Тоң суусунун боюндагы Туура-Суу кыш-нын жанында. Т. ш. ч-нда бийикт. 4—8 *м*, туурасы 3—5 *м* дубал түрүндөгү коргонуу курулуштары болгон. Убагында шаар 100 *га*га чейинки аянтты ээлеген. Аны казуу убагында турак жай калдыктары, чоно идиштер, тыйындар, темир буюмдар, жаргылчак, тегирмен таш табылган. Т. ш. ч. 8—12-к-дагы жазма даректе да нечен жолу эскерилет.

ТОО АРАЛЫК ОЙДУҢ — тоо арасынан тектоникалык процесстерден бүктөлүүлөргө дуушарланып ийилген жер. Т. а. о. *геосинклиналь* областынын пайда болуу стадиясында же материктик платформанын ордунда (эпиплатформа орогени) бүктөлүү процесстеринин кайра кайталануу учурунда пайда болот.

ТООДАКТАР (Otididae) — куштардын турна сымалдар түркүмүндөгү тукуму. Буттары ж-а мойну узун, манжалары кыска, таманы чорлонуп жумшак. Канаттарын каалгый каккылап, салмактуу учат, жакшы чуркайт. Т-дын 24 түрү бар. СССРде, о. эле Кырг-нда 3 түрү (жорго тоодак, тоодак ж-а безбелдек) жолугат. Т. тургун куш, кээде (кыш катуу болгондо ж. б.) жылуурак жайларга көчөт. Негизинен Европа, Азия, Австралия ж-а Африканын талаа ж-а жарым чөлдөрүн мекендешет. Тоолуу жерлерде деңиз деңг. 2000 *м* бийиктикке чейин кездешет. Көбүнчө түрдүү өсүмдүк уруктарын, курт-кумурска жейт, жазында эркек-ургаачы болуп экиден жүрөт. 2—3 жумурткасын ургаачысы бир ай басат. Т-дын эти өзгөчө даамдуу, көпчүлүк жерде өтө азайып кеткендиктен атайын коргоого алынган.

Ад.: Янушевич А. И., Кыдыралиев А. [и др.], Птицы Киргизии, т. 1, Фр., 1959.

ТООК — тооктор түркүмүндөгү үй кушу. Жапайы баннын тоогунан чыккан. Т. үй куштарынын басымдуу бөлүгүн түзөт. Ал эт, жумуртка ж-а пар алуу үчүн өстүрүлөт. Негизги продукциясына жараша жумуртка, жалпы (эт-жумуртка) ж-а эт багытында асыралат. Мындай багыттагы породалар бири бирinen дене түзүлүшү б-ча айырмаланат. Жумурткачыл Т. кичине келип, тез өсүп, эрте жетилет. Мекиянынын тирүү салм. 1,8—2,2 *кг*, коросу 2,7—3,0 *кг*. Эт-жумуртка Т. ирдүүрөөк, кечирээк жетилет. Корозунун текөөрү, ачакей таажысы болот. Мекиянынын салм. 2,5—3,0 *кг*, коросу 3,5—4,0 *кг*. Эт багытындагысынын тирүү салм.: мекияны 3,0—3,5 *кг*, коросу 3,5—4,5 *кг*. 60—65 күндүк *бройлер* жожолорунун тирүү салм. 1,5—1,6 *кг*, эти диета азыгы катары эсептелип, анда 20%тен арбын жагымдуу белок ж-а 5—7%че май бар. Жожо 5—6 айлыгында жетилип, жумуртка тууйт. Жумурткачыл Т. жылына 200—220, асыл тукум чарбаларда — 220—250, ыктысы — 365 жумуртка тууйт. Т. болжол м-н 10 жылга чейин жумурткалайт. Жумурткадан көбүнчө инкубатордо жожо чыгарылат. Жожонун эмбриондон өсүп жетилүү мезгили — орт. 21 күн. Рационуна 2—3 түрлүү дан (жүгөрү, арпа ж. б.), күнжара, балык ж-а эт-сөөк уну, мине-



О. Тоокеев.

рал тоют, витамин киргизилет. Бакма канаттуулар чарбасы өнүккөн өлкөлөрдүн ө. ж. Т-тор үчүн даяр *аралаш тоют* чыгарат. Жумуртка ж-а эт өндүрүү максатында ири бакма канаттуулар чарбасы уюштурулуу да. Кырг-нда Ат-Башы, Сокулук, Беловодский, Фрунзе ж. б. бакма канаттуулар ф-калары калкты эт, жумуртка м-н камсыз кылууда, о. эле 1-тун жацы породалык тобу — *кыргыз тоогунун породалык тобу* чыгарылып, айрым чарбаларда асыралууда.

Ад.: Фауна СССР. Птицы, т. 1, в. 4, М.—Л., 1941; Сметнев С. И., Птицеводство, 5 изд., М., 1970; Канимет ов А., [ж. б.], Селекциянын өзөкелүү жеңиштери, «Кыргызстан айыл чарбасы», 1971, № 6.

ТОО КАЗЫ (Eulabeia indica) — каз сымалдар түркүмүндөгү түр. Уз. 72—82 *см*, салм. 2—3 *кг*. Жон жагы, канаттары көгүш, боору, капталдары агыш, башы, мойну ж-а алкым жагы ак. Тумшугу, буттары сары. Азиянын борб. бөлүгүндө тоо арасындагы көлдөрдү ж-а агын сууларды мекендейт. СССРде Памир, Тянь-Шань, Алтай тоолорунда; Монголияда, Тибетте, Гималайда кездешет. Индия, Пакистанда кыштайт. Топтолуп, көбүнчө аралдарда уялайт. Кырг-нда Соңкөл, Чатыр-Көлдө май айында 4—6 жумуртка туун, ургаачысы 27—28 күн басат. Балапандар 2 айлыгында чоңдоруна тецелип, уча баштайт. Т. к. июлда түлөйт. Суудагы ж-а жээктеги ар кандай көк чөптү жейт. Көпчүлүк жерде азайып кеткендиктен атайын коргоого алынды.

ТООКЕ, Кызыл-Кошчу — Ош облнын Кара-Суу р-нундагы Жоош айыл советине караштуу кыштак. Түш. Кырг-н пахтачылык тажрыйба станциясынын аймагында. Райондун борбору ж-а т. ж. станциясы Кара-Суу ш-нан 13 *км* түш. таранта. Калкы 1160 (1979). Сегиз жылдык мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

ТООКЕ-АРЫК — байыркы каналдын калдыгы. Б. з. ч. 3-к-дан б. з. 4-к-на чейинки мезгилге таандык. Ош — Кара-Суу оазисинин түш.-чыгыш тарабында, Ак-Жар кыш-на жакын жерде. 1970—72-ж. О. Береналиев изилдеген Т.-А-тын уз. 9 *км*, терецд. 1,2 *м*, туурасы 4—5 *м*. Т.-А. үзүндү түрүндө сакталган. 1971-ж. каналдын Шалта кыш-на жакын жердеги нугу казылып, б. з. ч. 3—1-к-га таандык карапа идиштердин сыныктары, жаргылчактын үстүңкү бети табылган. Т.-А-ты байыркы заманда ж-а о. кылымдарда отурукташып жашаган эл сугат иштеринде пайдаланган.

ТООКЕЕВ Ормоке (1886, азыркы Нарын обл., Ак-Талаа р-ну, «Осоавиахим» кыш.— 28. 7. 1972, ошол жер) — Соц. Эмг. Баатыры (1949). 1933-ж. колхозго кирип, узак жыл жылкычы болуп иштеген. 1948-ж. 51 бээден 51 кулун алып, аман асыраган. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ТОО-КЕН ИЛИМИ — кен казуу ыкмаларына ж-а катуу пайдалуу казылмаларды байытууга, тоо-кен казылмаларын өткөөлдөөгө байланыштуу тоо тектин катмарында болуучу физ. кубулуштар, о. эле кенди казып алууну коопсуз ж-а үнөмдүү жүргүзүү ж-дагу билимдердин жыйындысы. Т.-к. и-нин предмети — катуу пайдалуу казылмалардын өнүгүшүн ж-а алар м-н бирге өтүүчү табигый кубулуштардын өз ара байланышын кошо кароо аркылуу ал казылмаларды иштетүү процесстери. Т.-к. и-нин максаты — тоо-кен өндүрүшүнүн техникасын ж-а экономикасын кескин өркүндөтүү үчүн пайдалуу казылмаларды иштетүүдөгү кубулуштар м-н процесстердин закон ченемин ачуу ж-а ил. түшүндүрүү.

Азыркы Т.-к. и-нин өнүгүшү бир нече этапка бөлүнөт. 20-жылдар — өндүрүштү калыбына келтирүүгө байланышкан этап. Ага шахталарды ж-а рудниктерди долбоорлоонун ил. негизин түзүү ж-а өнүктүрүү, тоо-кен ишиндеги коопсуздуктун маселелерин изилдөөнү уюштуруу мүнөздүү. Экинчи этапта (1929—40) тоо-кен өндүрүшүн электрлештирүүнүн негизинде тоо-кен жумуштары кеңири механикалаштырылып, тоо-кен механикасы, кенди ачуу, иштетүүнүн ж-а механикалаштыруунун системаларын изилдөө жер астында да, жер бетинде да өнүгөт. 50-жылдары кенди иштетүүдөгү табигый кубулуштарды изилдөөдө матем., физ. ж-а хим. жетишкендиктер кеңири пайдаланылат. Моделдештирүү, ЭЭМ, так аппаратура колдонулуп, изилдөө иштери өнүгөт.

Т.-к. и. төмөнкү бөлүмдөрдү камтыйт. Техпол. бөлүмүнө катмар ж-а руда кендерин ачуу ж-а иштетүү системалары, кенди ачык иштетүү, чачыранды кенди ачык түрдө ж-а суу астында иштетүү, тоо-кен механикасы, геомех., тоо-кен геометриясы, маркшейдердик иш, иштетүү технологиясы, байытуу технологиясы — гравитациялык, магниттик, электрдик, флотациялык методдор таандык. Эмгектин өндүрүш шарттарын ж-а коопсуздугун камсыздоо бөлүмүнө шахталарда эмгектин нормалдуу шартын түзүү методдору, рудниктик аэродинамиканын ж-а рудниктик газ, газ ж-а көмүрдүн капыстан атылуусун болтурбоо үчүн күрөш жүргүзүү теорилары ж-а методдору, жер астында электрди коопсуз колдонуу, көмүрдүн, руданын өзүнөн өзү күйүүсүн алдын алуу ж-а прогноздоо ыкмалары ж. б. кирет. Тоокен экономикасы ж-а өндүрүштү уюштуруу бөлүмү тоо-кен экон. география, тоо-кен экономикасы ж-а өндүрүштү уюштуруудан турат.

Кырг-нда Т.-к. и. 50-жылдардан өнүгүүдө. Негизинен Т.-к. и-нин технол. бөлүмүнүн — тоо тектерин талкалоо (Е. Г. Баранов, В. Н. Мосинец, С. Барсанаев), пайдалуу казылмаларды иштетүү системалары (В. А. Шестаков, Г. В. Секисов, Г. П. Калинин, Н. Г. Ялымов, Т. Жороев), тоо тектеринин, массивдеринин ж-а процесстеринин физикасы (С. Г. Авершин, И. Т. Айтматов, М. К. Терметчиков, Ш. А. Мамбетов), бургулоо машиналары (О. Д. *Алимов*, А. Н. Волков, Л. Т. *Дворников*) өндүү багыттары өнүгүп, кыйла ийгиликтерге жетишилди.

Ад.: Мельников Н. В., Горная наука (Задачи в связи с развитием промышленности), М., 1964; Агошков М. И., Малахов Г. М., Подземная разработка рудных месторождений, М., 1966; Современное состояние горной науки в СССР, М., 1968; Линдин Г. Д., Научные основы технологии открытых горных работ, М., 1969.

ТОО-КЕН ИШИ — илим м-н техниканын жер түпкүрүнөн пайдалуу казылмаларды казып алуу процесстерин камтуучу тармагы. Пайдалуу казылмаларды өндүрүүдөн мурда ал чалгындалып, запастары, сапаты ж-а аны иштетүүнүн экон. арзырлыгы, тоо-кен ишканасынын өндүрүү куваттуулугу, кенди иштетүүнүн ыкмасы аныкталат. Чалгындоодо геофиз., геохим. ж-а микробиол. методдор кеңири колдонулат. Толук чалгындалгандан кийин гана алдын ала түзүлгөн долбоордун негизинде кен иштетиле башталат. Ал үчүн белгилүү планда жер астында, же үстүндө тоо-кен казмалары жүргүзүлүп же скважиналар бургуланат; кенди ачуу үчүн жер үстүндө ж-а астында керектүү имараттар курулат. Шахтаны тех. эксплуатациялоо өрежеси жер астындагы казмалардан жер үстүнө эки катнаш болушун талап кылат: бироонөн таза аба кирсе, экинчиси аркылуу иштетилген аба чыгат. Бул милдетти негизинен казмалар аркылуу байланышкан ачылма казмалар — вертикалдык же жантайма шахта стволдору, штольнялар аткарат. Кен ачылгандан кийин казмалар пайдалуу казылма аркылуу жүргүзүлүп, кен казуу ишине даярдалат. Алар өткөөлдөнүп бүткөн соң казуу иштери башталат. Казылган пайдалуу казылма тазалоо забоюнан жер үстүнө рудник транспорту м-н чыгарылат. Жүктөр ж-а адамдар *шахта стволу* аркылуу шахта көтөргүчү м-н ташылат.

СССРде Т.-к. ишинин негизги милдети — жер түпкүрүн рационалдуу пайдалануу. Т.-к. и-нин натыйжалуулугун жогорулатуу негизинен кендерди ачык жол м-н казып алууну кеңири колдонууга багытталган, анткени жер астынан казып алууга салыштырганда анда эмгек өндүрүмд. 7—10 эсе жогорулап, өндүрүүнүн өзнаркы бир кыйла азаят.

Ад.: Шевяков Л. Д., Разработка месторождений полезных ископаемых, 4 изд., М., 1963; Ржевский В. В., Технология и комплексная механизация открытых горных работ, М., 1968.

ТОО-КЕН КАЗМАСЫ — тоо-кен иштеринин натыйжасында жер кыртышында пайда болуучу жасалма курулма. Т.-к. к. чалгындоочу (кендерди издоо ж-а чалгындоо үчүн), пайдаланылуучу (кен байлыктарды иштетүүчү) болуп айырмаланат. Т.-к. к. ачык (жер үстүндө) ж-а жер астында болот. Анча калың эмес пилендеги астындагы кен ачык (траншея, канал) ыкма м-н алынат. Терең жайгашкан кендерди казуу үчүн (к. *Кен казуу*) жер астындагы Т.-к. к. (өткөөлдөр) жүргүзүлөт. Бул жүргүзүлгөн Т.-к. к. вертикаль, горизонталь ж-а жантайма болушу мүмкүн. Узундугуна караганда туурасы чоң болгон Т.-к. к.— камера, кендерди казууда пайда болгон курулмалар тазалама, Т.-к. к-н чектөөчү ж-а тоо кен жумуштарын аткаруунун натыйжасында жылып жүрмө бет — забой, Т.-к. к-н үстү жагынан чектөөчү тоо тегинин бети — жабуу, ал эми астыңкысы таман деп аталат. Т.-к. к-нын туура кесилишинин формасы негизинен тиреп бекиткичтин түрүнө жараша болот. Жер астындагы вертикаль Т.-к. к-на шурф, шахта кендейү, кудук ж-а гезенка кирет. Жер астындагы горизонталь Т.-к. к-на штольня, тууралыкын просек, уката (штрек), орта, квершлаг кирет. Жүктөрдү ташууга, сууну агызууга ыңгайлуу болсун үчүн горизонталь Т.-к. к-нын көчүлүгү бир аз жантык (0,004—0,005) жасалат. Жер астындагы жантык Т.-к. к-на шурф, шахта кендейү, бренсберг, жантайма ж. б., о. эле скважиналар да кирет.

ТОО-КЕН КОМБАЙНЫ — пайдалуу казылманы же тоо текти массивден бөлүп алуудан транспортко жүктөөгө чейинки жумуштарды аткаруучу машина. Пайдалуу казылманы казып чыгаруучу Т.-к. к. тазалагыч, ал эми тоо-кен казмаларын жүргүзүүчү өткөөлдүк деп аталат. Т.-к. к. көмүр ө. ж-да кеңири колдонулат. Комбайн жумуш жасагыч, жүктөгүч, жылдырылма механизмден, кыймылдаткычтан, кыймыл өткөргүч механизмден, башкаруу органы м-н чаң тозгуч түзүлүштөн турат. Т.-к. к-н түзүүдө энергия м-н жабдуу, өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, пайдалануу тармактарды кеңейтүү, казылып алынуучу көмүрдүн сапатын жакшыртуу, комбайндын ишенимдүүлүгүн ж-а узакка чыдамдуулугун жогорулатуу, автоматтык жөндөө каражаттарын кеңири жайылтуу, коопсуздукту жогорулатуу ж-а жумуш шартын жакшыртуу, түйүндөрдү ж-а детиктерди унификациялоо ж-а стандартташтыруу маселелери аткарылат.

ТОО-КЕН ӨНӨР ЖАЙЫ, кен казып алуу өнөр жайы — кен байлыктарды чалгындоо, аларды казып алуу (ондурүү) ж-а фабрикаларда керексиз бирикмелерден ажыратуу иштерин жүргүзүүчү ө. ж. тармактарынын жыйындысы. Бир нече тармактан турат. Алардын негизгилери: отун казып алуу (көмүр, нефть, сланец ж-а газ), руда казып алуу (темир, марганец, түстүү, баалуу ж-а сейрек кездешүүчү металлдар), металл эмес ж-а жерг. курулуш материалдарын казып алуу (мрамор, гранит, асбест, чопо, гипс ж. б.), тоо-химия сырьёсун казып алуу (апатит, калий туздары, нефелин, селитра, күкүрт колчеданы, фосфат сырьёсу), суу ж-а минералдуу суу болуп бөлүнөт. Т.-к. о. ж. байыртан белгилүү. Өндүрүштүк тармак катары 16—18-к-да тез өөрчүтөп. 1967-ж. дүйнөдө 80 млрд сомдук 7 млрд т кен байлык казып алынган. Т.-к. о. ж. Улуу Окт. соц. рев-ясына чейин өте начар өнүккөн. СССР аймагында бардык казылма кен байлыгынын түрлөрүнүн болуму Т.-к. о. ж-нын, ошонун негизинде башка бардык ө. ж. тармактарынын өтө тез өнүгүшүнө негиз салды.

Кырг-нда да Т.-к. ө. ж. өркүндөөдө. Респ-ка изилденген көмүр кенинин запасы б-ча О. Азия респ-каларынын ичинен биринчи орунда. Кырг-нда коргошун, цинк, сымап, калай, сурьма, висмут ж. б. металл кендери бар. Бул Т.-к. о. ж-нын мындан ары да өнүгүшүнө толук шарт түзөт. Т.-к. о. ж. Болгария, Венгрия, ГДР, Польша, Румыния, Чехосл-я ж-а Югосл-яда, о. эле АКШ, Улуу Британия, Франция, ГФРде жакшы өнүккөн.

Ад.: КПССтин XXV съездинин материалдары, Фр., 1977; Будницкий И. М., Горная промышленность в системе народного хозяйства СССР, М., 1965; Рачковский С. Я., Экономика горнорудной промышленности, М., 1965; Фриденсберг Ф., Экономика горной промышленности мира..., пер. с нем., М., 1968.

ТООККАНА, күрке — үй куштары өстүрүлүү ж-а асыралчу имарат, жай. Т. куштун түрүнө, жашына ж-а чарб. пайдаланышына, багуу системасына жараша салынат. Жөжө өстүрүү үчүн брудергауз, батареялуу цех, акклиматизатор, чоң куштар үчүн өзүнчө Т. салынат. Куштар тордо же полдо, көбүнчө бир кабаттуу Т-да асыралат. Ө. ж-лык тооктор үчүн 120—150 миң орундуу, 4—6 кабаттуу, бройлер жөжөлөргө 80 миң орундуу Т. курулат. Т-да суу түтүгү, канализация, вентиляция, технол. жабдуулар ж. б. орнотулат.

КСЭнин 5-ТОМУНДАГЫ КӨЛӨМДҮҮ ЖАНА ОРИГИНАЛДУУ МАКАЛАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

Макаланын аты	Автору
Пржевальск	*Исаев А.*
Республикалык куурчак театры	*Жунушов А.*
Риштан минералдуу суусу	*Иманкулов В.*
РКП(б) уездик-шаардык конференциялары	*Апышева А.*
РКСМдин уездик съезддери	*Макаров Е. Л.*
Розова	*Шакиров Э.*
Рыбачье	*Чормонов Б. Ш.*
Рыскулов	*Асанбеков С.*
Сагымбай	*Абдылдаев Э.*
Саймачылык	*Антипина К. И.*
Салам-Алик	*Шакирбеков Д.*
Салиев	*Чокушев К.*
Сандык кени	*Сейдалиев А.*
Санжыра	*Аттокуров С.*
Сариншн-Бокой	*Закиров С.*
Сары-Жаз	*Осмонов А.*
Сары-Жаз өрөөнү	*Осмонов А.*
Сары-Челек	*Байгуттиев А.*
Сары-Челек коругу	*Котляр В.*
Сары-Челек колу	*Осмонов А.*
Салкбай	*Мусаев С.*
Сегизинчи гвардиялык аткычтар дивизиясы	
Сейсмология институту «Сейтек»	*Керимбаев С.*
«Семетей»	*Калмурзаев К. Е.*
Совет району	*Сарыпбеков Р.*
«Советтик Кыргызстан»	*Керимжанова В.*
Сокулук капчыгайы	*Шакирбеков Д.*
Сокулук району	*Карабаев В.*
Сөңкөл	*Качаганов Ш.*
Сох өрөөнү	*Мырзаев А.*
Соготту көмүр кени	*Атаканов У.*
Сөөк коюу	*Байгуттиев С.*
Сузак району	*Борубаев Ж.*
Сумсар кени	*Есенгелдиев С.*
Суусамыр өрөөнү	*Шакирбеков Д.*
Сулуктү	*Сейдалиев А.*
Сулуктү күрөң көмүр кени	*Байгуттиев С.*
Сыдыкбеков	*Мырзаев А.*
Таар	*Усубалиев И.*
	Асаналиев К.
	Антипина К. И.
Талас	*Чормонов Б. Ш.*
Талас Ала-Тоосу	*Алиев З., Сагындыков К.*
Талас өрөөнү	*Атаканов У.*
Тарагай өрөөнү	*Качаганов Ш.*
Таш-Булак руда таалаасы	*Сейдалиев А.*
Тебетей	*Белекова З.*
Терек кени	*Молдокасымов В*
Тескей Ала-Тоо	*Оровгожоев В.,* *Качаганов Ш.*
Тил жана адабият институту	*Садыков А.*
Тоголок Молдо	*Таштемиров Ж.*
Тогуз-Торо ойдуну	*Качаганов Ш.*
Тогуз-Торо району	*Исраилов А. Ш.*
Той	*Калилов К.*
Токомбаев	*Уметалиев Ш.*
Токтогул	*Таштемиров Ж.*
Токтогул району	*Мырзаев А.*
Токтомушев	*Токтогулов А.*
Токуу	*Сулайманов Э.*
Тоң минералдуу суусу	*Талипов И. А.*

КСЭнин ИЛИМИЙ РЕДСОВЕТТЕРИ ЖАНА КОНСУЛЬТАНТТАРЫ

АДАБИЯТ

Т. АСКАРОВ — филос. илимд. кандидаты (председатель), К. АРТЫКБАЕВ — филол. илимд. кандидаты, доцент, С. БАЙКОЖОЕВ — филол. илимд. кандидаты, К. ДАУТОВ — филол. илимд. кандидаты, Б. КЕРИМЖАНОВА — филол. илимд. кандидаты, Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү, С. МУСАЕВ — филол. илимд. кандидаты, А. САДЫКОВ — филол. илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү.

АЙЫЛ ЧАРБА

А. МАМЫТОВ — а. ч. илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын акад., ВАСХНИЛдин акад. (председатель), К. АЗЫКОВ — экон. илимд. кандидаты, Э. АРАБАЕВ — экон. илимд. кандидаты, проф., Ж. БЕКБАЕВ — токой чарба инженери, А. КАНИМЕТОВ — а. ч. илимд. кандидаты, С. ОСМОНОВ — инженер-гидротехник, Р. Э. САДЫКОВ — а. ч. илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү, Б. САРБАГЫШОВ — а. ч. илимд. кандидаты, Ш. СУКЕЕВ — вет. илимд. кандидаты.

АРХИТЕКТУРА ЖАНА СҮРӨТ

Г. АЙТИЕВ — СССР эл сүрөтчүсү, СССР сүрөт академиясынын корр. мүчөсү (председатель), В. БУДАЙЧИЕВ — иск-во илимд. кандидаты, А. ИСАЕВ — архитектор, Т. САДЫКОВ — скульптор, Кыргыз ССР эл сүрөтчүсү, К. САРБАНОВ — архитектор.

АСКЕР ИШИ

С. С. САМСАЛИЕВ — запастагы ген.-майор (председатель), Д. А. АСАНОВ — полковник, Сов. Союз. Баатыры, Э. М. ЖОЛОЕВ — майор, И. Ж. ЖОЛАМАНОВ — II рангдагы капитан, Б. МАМБЕТСАДЫКОВ — запастагы полковник, Ө. ТУРАЛИЕВ — запастагы ген.-майор, К. Ү. УСӨНБЕКОВ — ген.-майор, Сов. Союз. Баатыры, А. С. ЧУКИН — запастагы полковник.

БАСМА СӨЗ, РАДИО, ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮ

А. АБАКИРОВ — тарых илимд. кандидаты (председатель), С. ЖЕТИМИШОВ — жазуучу, Б. КАРАБАЕВ — журналист, Т. МАМБЕТСАРИЕВ — тарых илимд. кандидаты, доцент, Ас. ТОКОМБАЕВ — журналист, Ж. Ж. ТУРСУНОВ—журналист.

БИОЛОГИЯ

А. АЛДАШОВ — вет. илимд. доктору, проф. (председатель), Р. АЙДАРОВА — биол. илимд. кандидаты, К. АХМАТОВ — биол. илимд. кандидаты, М. М. БОТВАЕВА — биол. илимд. кандидаты, доцент, К. ИБРАЙМОВА — биол. илимд. кандидаты, А. КЫДЫРАЛИЕВ — биол. илимд. кандидаты, Б. А. СУЛТАНОВА — биол. илимд. кандидаты, С. ШАМБЕТОВ — биол. илимд. кандидаты, Д. ЫРСАЛИЕВ — биол. илимд. кандидаты.

ГЕОГРАФИЯ

С. ӨМУРЗАКОВ — геогр. илимд. кандидаты, доцент (председатель), С. БАЙГУТТИЕВ — геогр. илимд. кандидаты, доцент, Н. БАКИРОВ — геогр. илимд. кандидаты, доцент, А. ЖУМАЕВ — тех. илимд. кандидаты, А. ИСАЕВ — геогр. илимд. кандидаты, доцент, М. КАДЫРКУЛОВ — геогр. илимд. кандидаты, Ш. КАЧАГАНОВ — геогр. илимд. кандидаты, М. МУЗАКЕЕВ — геогр. илимд. кандидаты, С. ОРОЗАЛИЕВ — геогр. илимд. кандидаты, доцент, А. ОСМОНОВ — геогр. илимд. кандидаты, К. ОТОРБАЕВ — геогр. илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын акад., В. ЧОРМОНОВ — геогр. илимд. кандидаты, доцент.

ГЕОЛОГИЯ, ГЕОФИЗИКА ЖАНА ГЕОДЕЗИЯ

М. М. АДЫШЕВ — геол.-минералогия илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын акад. (председатель), Ш. АБАКИРОВ — геол.-минералогия илимд. кандидаты, Ү. АСАНАЛИЕВ — геол.-минералогия илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү, А. БАКИРОВ — геол.-минералогия илимд. доктору, К. ИБРАЕВ — инженер-геодезист, К. КАЛМУРЗАЕВ — геол.-минералогия илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү, К. САГЫНДЫКОВ — геол.-минералогия илимд. кандидаты, А. ТУРДУКУЛОВ — геол.-минералогия илимд. кандидаты, Э. ШАКИРОВ — геол.-минералогия илимд. кандидаты.

ЖАЛПЫ ТАРЫХ

С. ТАБЫШАЛИЕВ — тарых илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү (председатель), А. АРЗЫМАТОВ — тарых илимд. кандидаты, доцент, М. В. ЖАМГЫРЧИНОВ — тарых илимд. кандидаты, доцент, Х. М. МУСИН — тарых илимд. доктору, проф., А. РЫСКУЛОВ — тарых илимд. кандидаты, доцент.

КЫРГЫЗ ССР ТАРЫХЫ ЖАНА АРХЕОЛОГИЯ

К. ОРОЗАЛИЕВ — тарых илимд. кандидаты, Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү (председатель), А. АБЕТЕКОВ — археолог, С. АТТОКУРОВ — тарых илимд. доктору, проф., С. С. ДАНИЯРОВ — тарых илимд. кандидаты, Б. М. Зима — тарых илимд. кандидаты, проф., Ы. КОЖОМБЕРДИЕВ — археолог, Ж. С. ТАТЫБЕКОВА — тарых илимд. доктору, В. М. ПЛОСКИХ — тарых илимд. кандидаты, К. УСӨНБАЕВ — тарых илимд доктору, В. ЧОКУШЕВ — тарых илимд. доктору, проф.

МАТЕМАТИКА

М. ИМАНАЛИЕВ — физ.-матем. илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын акад. (председатель), Б. АБАКИРОВ — физ.-матем. илимд. кандидаты, доцент, А. АЙЫЛЧИЕВ — физ.-матем. илимд. кандидаты, доцент, И. БЕКБОЕВ — пед. илимд. кандидаты, доцент, Ч. ЖАНЫБЕКОВ — физ.-матем. илимд. кандидаты, доцент, М. ЖОРОЕВ — физ.-матем. илимд. кандидаты, А. ИСКЕНДЕРОВ — физ.-матем. илимд. кандидаты, доцент, Р. УСУБАКУНОВ — физ.-матем. илимд. кандидаты, доцент.

МЕДИЦИНА ЖАНА СПОРТ

А. А. АЛТЫМЫШЕВ — мед. илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү (председатель), А. АЙДАРАЛИЕВ — мед. илимд. доктору, проф., М. АЙМАНБЕТОВ — мед. илимд. доктору, проф., М. АЛИЕВ — мед. илимд. доктору, проф., Э. АЛЫМКУЛОВ — мед. илимд. кандидаты, доцент, С. В. ДАНИЯРОВ — мед. илимд. доктору, проф., Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү, А. ЖАЙЛООБАЕВ — мед. илимд. кандидаты, доцент, В. А. ИСАБАЕВА — мед. илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү, М. МАМАКЕЕВ — мед. илимд. доктору, проф., Д. ӨМҮРЗАКОВ — физ-ра жа спорт ишмери.

СССР ЖАНА КПСС, КЫРГЫЗСТАН КП ТАРЫХЫ

Т. ИСАКОВ — тарых илимд. кандидаты, доцент (председатель), А. АПЫШЕВА — тарых илимд. кандидаты, С. И. ИЛЬЯСОВ — тарых илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын акад., Т. ДҮЙШӨМАЛИЕВ — тарых илимд. доктору, проф., Э. МААНАЕВ — тарых илимд. доктору, А. СРАЖДИНОВ — тарых илимд. кандидаты, доцент, К. СУЛАЙМАНОВ — тарых илимд. доктору, проф., А. ХАСАНОВ — тарых илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү, А. А. ЧУКУБАЕВ — тарых илимд. доктору, проф.

ТЕАТР, МУЗЫКА ЖАНА КИНО

М. АБДРАЕВ — композитор, проф. (председатель), Т. АВДУМОМУНОВ — жазуучу, драматург, Б. АЛАГУШОВ — музыка изилдөөчү, К. АШЫМОВ — иск-во илимд. кандидаты, М. БАЙЖИЕВ — жазуучу, драматург, Н. ДАВЛЕСОВ — композитор, проф., А. ЖУНУШОВ — театр изилдөөчү, Ж. МОЛДОБАЕВ — иск-во илимд. кандидаты, К. МОЛДОБАСАНОВ — композитор, доцент, Т. ОКЕЕВ — кинорежиссёр, И. РЫСПАЕВ — музыка изилдөөчү, А. СТАМОВ — жазуучу, М. ТОЙБАЕВ — драматург, филол. илимд. кандидаты.

ТЕХНИКА

К. АЛЫМКУЛОВ — тех. илимд. кандидаты (председатель), И. Т. АЙТМАТОВ — тех. илимд. кандидаты, С. БИРНАЗАРОВ — инженер, Ө. ДАНИКЕЕВ — инженер, А. С. ЖАМАНБАЕВ — тех. илимд. доктору, проф., А. ЖУМАДЫЛОВА — тех. илимд. кандидаты, доцент, А. ИМАРАЛИЕВ — тех. илимд. кандидаты, доцент, Ш. А. МАМБЕТОВ — тех. илимд. кандидаты, доцент, К. Б. ОКЕНОВ — тех. илимд. кандидаты, доцент, М. К. ОСМОНОВ — тех. илимд. кандидаты, доцент, Ж. ӨМУРЗАКОВ — тех. илимд. кандидаты, доцент, К. САТАРОВ — инженер, С. ТОКОБАЕВ — тех. илимд. кандидаты, доцент.

ТИЛ

Т. АХМАТОВ — филол. илимд. доктору, проф. (председатель), А. ЖАПАРОВ — филол. илимд. доктору, проф., Х. КАРАСАЕВ — филол. илимд. кандидаты, проф., С. КУДАЙБЕРГЕНОВ — филол. илимд. доктору, проф., С. КУДАЙБЕРГЕНОВ — филол. илимд. доктору, Ж. МУКАМБАЕВ — филол. илимд. кандидаты, доцент, К. К. САРТБАЕВ — филол. илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү.

УКУК

К. АЛЬЧИЕВ — укук илимд. кандидаты, доцент (председатель), С. КЫДЫРАЛИЕВА — укук илимд. кандидаты, К. НУРБЕКОВ — укук илимд. доктору, проф., С. САТЫБЕКОВ — укук илимд. кандидаты, доцент, Р. ТУРГУНБЕКОВ — укук илимд. доктору, А. ШАРШЕНАЛИЕВ — укук илимд. кандидаты.

ФИЗИКА ЖАНА АСТРОНОМИЯ

Ж. ЖЭЭНБАЕВ — физ.-матем. илимд. доктору (председатель), Т. АЙТМУРЗАЕВ — физ.-матем. илимд. кандидаты, доцент, А. АРЫНОВ — физ.-матем. илимд. кандидаты, доцент, И. БИЙБОСУНОВ — физ.-матем. илимд. доктору, проф., А. ЖАПАКОВ — физ.-матем. илимд. кандидаты, доцент, Т. КАРАШЕВ — физ.-матем. илимд. кандидаты, доцент, Э. КЕРИМБЕТАКУНОВ — физ.-матем. илимд. кандидаты, доцент.

ФИЛОСОФИЯ

А. АЛТЫМЫШБАЕВ — филос. илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын акад. (председатель), Т. АВДЫЛДАЕВ — филос. илимд. доктору, проф., Р. АЧЫЛОВА — филос. илимд. кандидаты, доцент, А. КАКЕЕВ — филос. илимд. кандидаты, доцент, А. САЛИЕВ — филос. илимд. кандидаты, Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү.

ХИМИЯ

К. СУЛАЙМАНКУЛОВ — химия илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү (председатель), С. АДЫЛОВ — химия илимд. кандидаты, доцент, Ү. АСАНОВ — химия илимд. доктору, доцент, З. БАКАСОВА — химия илимд. доктору, Б. ИМАНАКУНОВ — химия илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү, М. КЫДЫНОВ — химия илимд. доктору, проф., Ш. САРЫМСАКОВ — химия илимд. кандидаты, К. ШАТЕМИРОВ — химия илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү.

ЭКОНОМИКА

М. РЫСКУЛБЕКОВ — экон. илимд. кандидаты, проф. (председатель), М. БАЛБАКОВ — экон. илимд. кандидаты, Г. ЖАМАНКУЛОВА — экон. илимд. доктору, проф., К. ЖУМАДЫЛОВ — экон. илимд. кандидаты, К. ЖУНУШЕВ — экон. илимд. доктору, проф., А. ИМАНБЕКОВ — экон. илимд. кандидаты, С. У. ИСЛАМОВ — экон. илимд. кандидаты, проф., Ж. С. ЛАЙЛИЕВ — экон. илимд. доктору, проф., А. КОЖОГУЛОВ — экон. илимд. кандидаты, А. МОЛДОКУЛОВ — экон. илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү, Ш. МУСАКОЖОЕВ — экон. илимд. кандидаты, А. Ө. ОРУЗБАЕВ — экон. илимд. доктору, проф.

ЭЛГЕ БИЛИМ БЕРҮҮ

А. Э. ИЗМАЙЛОВ — пед. илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын акад., СССР ПИАнын акад. (председатель), Ж. АМАНАЛИЕВ — тарых илимд. кандидаты, М. Р. БАЛТАБАЕВ — пед. илимд. доктору, СССР ПИАнын корр. мүчөсү, Э. БЕРДИБАЕВ — Кыргыз ССРинин эмг. сиң. мугалими, Ш. ЖАНУЗАКОВ — пед. илимд. кандидаты, доцент, Ж. МАКЕНБАЕВ — тарых илимд. кандидаты.

ЭТНОГРАФИЯ

Т. БАЯЛИЕВА — тарых илимд. кандидаты (председатель), Д. АЙТМАМБЕТОВ — тарых илимд. доктору, К. И. АНТИПИНА — тарых илимд. кандидаты, К. МАМБЕТАЛИЕВА — тарых илимд. кандидаты, доцент.

КСЭнин 5-ТОМУНУН АВТОРЛОРУ

АБАКИРОВ Борубай, АБАКИРОВ Шарыпбек, АБЛИН Михаил Константинович, АВДРАХМАНОВ Жумабек, АВДРАХМАНОВ Сапарбай, АВДРАХМАНОВ Сейдилбек, АБДУВАЛИЕВ Ибраим, АБДУГАФАРОВ Абдугани, АБДУЛДАЕВ Эсенкул, АБДУЛИН Кашаф, АБДЫКАДЫРОВ Төлөбай, АБЫЛДАБЕКОВ Куручбек, АБДЫЛДАЕВ Убайдылла, АБДЫЛДАЕВ Эсеналы, АБЫЛДАЕВА Кенжебубү, АБЫРАКУНОВ Турдубай, АБЫРАСУЛОВ Сабит, АБЫРАХМАНОВ Капар, АБДЫРАХМАНОВА Назгул, АБЕТЕКОВ Асан, АБЖАПАРОВ Алимбай, АБЛАСОВ Насридин, АБЫКЕЕВ Кенеш, АБЫЛГАЗИЕВ Бектурган, АДЫЛБАЕВ Жумалы, АДЫЛОВ Султан, АЖЫБЕКОВ Кудайберген, АЖЫГУЛОВ Эсенбек, АЙДАРАЛИЕВ Акматбек, АЙДАРАЛИЕВА Рахима, АЙДАРКУЛОВ Кадыркул, АЙДАРОВ Чынарбек, АЙДАРОВА Рапия, АЙМАНБЕТОВ Минбай, АЙТМАМБЕТОВ Дүйшө, АЙТМАТОВ Ильгиз, АЙТМУРЗАЕВ Ташмурза, АЙЫЛЧИЕВ Асанбек, АКЖИГИТОВ Канат, АКМАТАЛИЕВ Амантуо, АКМАТАЛИЕВ Козубек, АКМАТАЛИЕВА Токтокан, АКМАТБЕКОВ Анарбек, АКМАТОВ Эсенбек, АКМАТОВА Лилле, АКТАНОВА Айнагул, АКТАНОВА Светлана, АКЫЛБЕКОВ Өмуркун, АКЫЛМАЕВ Эргеш, АКЫНБАЕВ Мукаш, АЛАГУШОВ Балбай, АЛАМАНОВ Ваин, АЛАМАНОВ Саламат, АЛИЕВ Зарлык, АЛИЕВА Вера, АЛИЕВА Жыпгул, АЛИШЕРОВ Кашкабай, АЛМАЕВ Талгат, АЛЫМКУЛОВ Карыпбек, АЛЫМКУЛОВ Келпибай, АЛЫМКУЛОВ Эсенбек, АЛЫМКУЛОВА Койсун, АЛЬМЕЕВ Ирик, АЛЬЧИЕВ Карагул, АМАНАЛИЕВ Жусупбек, АМАНКУЛОВ Тойчубек, АМАНОВ Садыр, АМАНТУРОВА Орунбубу, АНВАРБЕКОВ Турдубек, АНТИПИНА Клавдия Ивановна, АПЫШЕВА Апал, АРЗЫКУЛОВ Жорупбек, АРЗЫКУЛОВА Сания, АРЗЫМАТОВ Атыгай, АРТЫКБАЕВ Качыбай, АРТЫКОВ Кадырбек, АРУНОВ Анаш, АРЫКОВ Асанбай, АСАНАЛИЕВ Кенешбек, АСАНАЛИЕВ Усенбек, АСАНБЕКОВ Сарман, АСАНОВ Усен, АСАНОВА Шайыр, АТАКАНОВ Аманжол, АТАКАНОВ Уатбек, АТТОКУРОВ Сабыр, АТЫШОВ Кобогон, АХМАТОВ Кенжебай, АХМАТОВ Токтосун, АХНАЗАРОВА Банс, АХУНОВ Адыл, АЧЫКЕЕВ Шейшен, АЧЫЛОВА Рахат, АШЫМОВ Каарман, АШЫРАЛИЕВ Кадырбек, АШЫРБАЕВ Арсым.

БАЗАРБАЕВ Шамшы, БАЗАРБЕКОВ Нияпбек, БАЗАРКУЛОВ Сагынбек, БАЙГЕЛДИЕВ Жумабек, БАЙГУТТИЕВ Сейитбек, БАЙКОЖОЕВ Сейитказы, БАКИРОВ Апас, БАКИРОВ Насыпбек, БАКТЫГУЛОВ Жумадыл, БАЛГОЗОВ Бекчул, БАЛТАБАЕВ Мукаш, БАПАЕВ Халил, БАРАТАЛИЕВ Керим, БАРАТАЛИЕВ Өмүрбек, БАРСАНАЕВ Сагыналы, БАЯЛИЕВА Токтобубу, БЕГАЛИЕВ Сапар, БЕГАЛИЕВ Сувакун, БЕГАЛИЕВА Батый, БЕГМАТОВА Канчайым, БЕЙШЕБАЕВ Канимет, БЕЙШЕЕВ Закон, БЕЙШЕЕВА Тилек, БЕЙШЕКЕЕВ Жумабек, БЕЙШЕНКУЛОВА Кулжамийла, БЕКБОЕВ Исак, БЕКБОЛОТОВ Абылбек, БЕЛЕКОВА Зайнакан, БЕРЕНАЛИЕВ Октябрь, БИЙБОСУНОВ Ильяс, БИРНАЗАРОВ Сапар, БОЖОКОЕВ Бейшеналы, БОРБИЕВА Дамира, БОРКЕЕВ Боконбай, БОТАШЕВ Аврет-Алий, БОТБАЕВ Болот, БОТБАЕВА Мира, БӨКӨНБАЕВ Кулубек, БӨРҮБАЕВ Алтай, БӨРҮБАЕВ Жусуп, БРУДНЫЙ Арон Абрамович, БУГАЗОВ Хусаин, БУДАЙЧИЕВ Байышбек, БУДЯНСКИЙ Давид Миронович, БУРАНЧИЕВ Ариф.

ВИННИК Дмитрий Фёдорович, ВИТОВЕЦКИЙ Михаил Михайлович.

ГАЛИЕВ Идрис, ГАЛКИНА Нина Михайловна, ГАЛЬПЕРИН Борис Иосифович, ГОРЯЧЕВА Валентина Дмитриевна.

ДАВЛЕТОВ Самак, ДАНИКЕЕВ Өскөн, ДАНИЯРОВ Саижарбек Бакирович, ДАУТОВ Кадыркул, ДАУТОВА Сагыпа, ДЕРБИШЕВА Мийнахан, ДОЛОНОВ Эркинбек, ДҮЙШЕЕВ Эсенбек, ДУНГАНОВ Абдыжапар, ДҮЙШАЛИЕВ Камчыбек, ДҮЙШЕЕВ Эсенкан, ДҮЙШӨМАЛИЕВ Таштан, ДҮЙШӨНАЛИЕВ Зарлык, ДҮЙШӨНАЛИЕВ Кыдыралы, ДЫЙКАНОВ Көбөгөн.

ЕГЕМБЕРДИЕВ Ильяс, ЕРМЕКОВА Чынара, ЕСЕНГАРАЕВА Шакен, ЕСЕНГЕЛДИЕВ Сатыбек, ЕШЕНКУЛОВА Жетиген.

ЖАЙНАКОВ Аманбек, ЖАКЫПБЕКОВ Асанбек, ЖАКЫПОВ Осмон, ЖАМАНБАЕВ Акматбек, ЖАМАНКАРАЕВ Айтбек, ЖАМАНКУЛОВА Зина, ЖАМГЫРЧИНОВ Мидил, ЖАПЫБЕКОВ Чабалдай, ЖАПАРОВ Абдыкул, ЖАПАРОВ Раимкул, ЖАПАРОВ Шайымбет, ЖАПАРОВ Шералы, ЖАРАТОВ Алдашбай, ЖЕТИМИШЕВ Сейит, ЖИГИТОВ Салижан, ЖОЛОМАНОВ Илияс, ЖОЛДОШЕВ Иманберди, ЖОЛДОШЕВ Кенеш, ЖОЛОЕВ Эмгелбек, ЖОРОБЕКОВ Жолборс, ЖОРОБЕКОВ Туратбек, ЖОРУПБЕКОВА Жанымбубү, ЖУМАГУЛОВ Четин, ЖУМАДЫЛОВ Калый, ЖУМАДЫЛОВ Торгобек, ЖУМАДЫЛОВА Алтынач, ЖУМАЕВ Абыл, ЖУМАКАДЫРОВ Сапар, ЖУМАКУНОВА Гулзура, ЖУМАЛИЕВ Шпенакун, ЖУМАЛИЕВ Мунарбек, ЖУМАЛИЕВ Сатар, ЖУМАШЕВ Асанкул, ЖУМАШЕВ Касымалы, ЖУНУШОВ Абдрасул, ЖУНУШОВ Асанкалый, ЖУНУШОВ Ишенбек, ЖУРАЕВ Мухтар, ЖЭЭНАЛИЕВ Мейманжан, ЖЭЭНБАЕВ Жаныбек, ЖЭЭНТАЕВА Бердигул.

ЗАКИРОВ Сапарбек, ЗАКИРОВА Валентина.

ИБРАЕВ Бообек, ИБРАЕВ Керим, ИБРАЙМОВ Калык, ИБРАЙМОВ Кубат, ИБРАЙМОВ Куттугалы, ИБРАЙМОВ Назарбек, ИБРАЙМОВА Кулбарам, ИЛИНОВ Кубанычбек, ИЗМАЙЛОВ Авез, ИЛИЯЗОВ Анварбек, ИМАКОВ Жаманбай, ИМАНАКУНОВ Бейшен, ИМАНАЛИЕВ Мамбеталы, ИМАНАЛИЕВ Санжыбай, ИМАНАЛИЕВ Токтомуш, ИМАНАЛИЕВ Чаланбай, ИМАНКУЛОВ Белек, ИМАРАЛИЕВ Абдусамат, ИРСАЛИЕВ Молдобек, ИСАЕВ Акыбай, ИСАЕВ Дөөлөтбек, ИСАЕВ Дүйшөкө, ИСАЕВ Кусейин, ИСАЕВ Мурат, ИСАКОВ Игорь Николаевич, ИСАКОВ Таштанбек, ИСАКОВА Рая, ИСАКОВА Сабира, ИСКЕНДЕРОВ Абыкай, ИСМАИЛОВ Сагын, ИСМАИЛОВА Лилдекан, ИШЕНАЛИЕВ Мелисбек, ИШЕНОВ Сайиндин, ИЯЗАЛИЕВ Токтосун.

КАДЫРКУЛОВ Мажит, КАДЫРКУЛОВ Таабалды, КАЛЫРОВ Самат, КАДЫРОВ Ысмайыл, КАЗАКБАЕВ Дайырбек, КАЗАКОВ Сүйүн, КАЗИЕВ Төлөгөн, КАЙЫПОВ Сулайман, КАКЕЕВ Аскар, КАКЕЕВА Майрам, КАЛИЕВА Клара, КАЛИЛОВ Кочкор, КАЛЫБАЕВ Искендер, КАМАЕВ Руслан, КАМЧЫБЕКОВ Надырхан, КАНИМЕТОВ Абдырай, КАПТАГАЕВА Шайыр, КАРАБАЕВ Бектурсун, КАРАЕВ Өмүркул, КАРАКЕЕВ Түйгу, КАРАТАЛОВ Өмүрбек, КАРАШЕВ Ташмат, КАРИМБАЕВ Турат, КАРИПОВ Оролбек, КАРЫШПАКОВ Сапарбек, КАСИЕВ Сапар, КАСЫМОВ Султангазы, КАЧАГАНОВ Шарип, КАШКАЕВ Бейшен, КЕНЧИЕВ Жапар, КЕРИМБАЕВ Сүйүн, КЕРИМБЕКОВА Манзура, КЕРИМБЕКОВ Анарбек, КЕРИМГАЗИЕВ Эркин, КЕРИМЖАНОВА Бүбү, КЕРИМКУЛОВ Ашымалы, КЕШИКБАЕВ Асылбат, КОЖОГУЛОВ Оролбек, КОЖОГУЛОВ Сулайман, КОЖОМБЕРДИЕВ Ысман, КОЖОМКУЛОВ Темирбек, КОЙКЕЛОВ Сапаралы, КОЙЛУБАЕВА Шарипа, КОЙЧИЕВ Мухтар, КОЙЧУМАНОВ Ороз, КОРОЧИЕВА Салкын, КОРЧУЕВ Асылбек, КОТЛЯР Виталий Васильевич, КОШОЕВ Муратбек, КОШОЕВ Табылды, КУБАТБЕКОВ Мелис, КУЛМАТОВ Темир, КУЛОВ Кубанычбек, КУНИН Александр Иванович, КУРЗИН Валерий Павлович, КУРМАНАЛИЕВ Төлөндү, КУРМАНБЕКОВ Бактыбай, КУРМАНБЕКОВ Калый, КУРМАНОВ Абдыкадыр, КУТМАНОВ Зарылбек, КУМУШАЛИЕВ Көпбай, КУРӨГӨНОВ Абласбек, КЫДЫНОВ Молдокелдибек, КЫЗЫЛОВ Ишенбек, КЫЗЫЛОВ Кубанычбек, КЫЗЫЛОВ Сейдахмат, КЫЗЫЛОВ Чолпонбек, КЫЗЫЛОВА Ирина Ивановна, КЫЗЫЛОВА Ольга Ивановна, КЫЗЫЛОВА Светлана Ивановна, КЫЗЫЛОВА Эльмира Ивановна, КЫЗЫЛОВА Эльмира Ивановна, КЫЗЫЛОВА Эльмира

рим. КЫДЫРАЛИЕВ Акматбек, КЫДЫРАЛИЕВ Алымкул, КЫЛЫРАЛИЕВА Сакен, КЫДЫРМЫШЕВ Жумабек, КЫДЫРМЫШЕВ Эсен, КЫЛЫЧЕВ Эсентур, КЫРБАШЕВ Кенеш, КЫШТООБАЕВ Шарапидин.

ЛАЙЛИЕВ Жумакан, ЛОСЕВ Давид Семёнович.

МААНАЕВ Эгембердн, МАГЗУМОВ Ильхам, МАДАНБЕКОВ Мааметыбрайым, МАДЬЯРОВ Анарбек, МАЙЛИЕВ Шаршенакун, МАКАРОВ Ефим Лаврентьевич, МАКЕНОВ Советбек, МАЛАБАЕВ Мурзабек, МАЛАЕВ Сталбек, МАМАСАДЫКОВ Маматкул, МАМБЕТАКУНОВ Токтогул, МАМБЕТАКУНОВ Эсенбек, МАМБЕТАЛИЕВА Кулсара, МАМБЕТКУЛОВ Жениш, МАМБЕТОВ Авал, МАМБЕТОВ Шергазы, МАМБЕТОВА Раимбубу, МАМБЕТСАДЫКОВ Баткулда, МАМБЕТСЕИТОВА Зина, МАМУТОВА Жумаш, МАМЫРБАЕВА Даршаим, МАМЫРОВ Усон, МАМЫТОВА Жумаш, МАМЫТОВ Миталип, МАТИКЕЕВ Курманалы, МЕЙМАНОВ Кырманчы, МИНБАЕВ Касымбек, МОКЕЕВ Анварбек, МОКРЫНИН Владимир Петрович, МОЛДОВАЕВ Жанузак, МОЛДОБАЕВ Совет, МОЛДОБАЕВ Эмил, МОЛДОКАСЫМОВ Бекташ, МОЛДОКУЛОВ Рыскул, МОЛДОСАНОВ Советбек, МОЛДОТАШЕВ Бакир, МОЛДОЯРОВ Асанбек, МОЛДУСТАНОВ Токтор, МОМУНБАЕВА Ранса, МОХОВА Галина Антоновна, МУЗАКЕЕВ Муканбет, МУКАМБАЕВ Жээнбай, МУРАТАЛИЕВ Мукамбеталы, МУРАТАЛИЕВА Акылай, МУРЗАБЕКОВ Табалды, МУРЗАКМАТОВ Мукай, МУСАЕВ Абакир, МУСАЕВ Нурлук, МУСАЕВ Самар, МУЛКУБАТОВ Токтобай, МЫРЗАБАЕВ Садыр, МЫРЗАЕВ Абдырашит.

НАЗАРКУЛОВ Алтыбай, НАЙДЕНОВ Эдуард Петрович, НАНАЕВ Кемелбек, НЕЙМЫШЕВ Михаил Васильевич, НИГМАТУЛИН Халит, НИЯЗАЛИЕВ Жээнбек, НИЯЗБЕКОВ Калыпбай, НИЯЗОВ Тургунбек, НУРАКУНОВ Мукнап, НУРБЕКОВ Кубанычбек, НУРМАМАТОВ Дөөлот, НУРМАМБЕТОВ Баймурза.

ОКЕНОВ Кыдырбек, ОЛЖОБАЕВ Суйундук, ОМОРОВ Мелис, ОМОРОВА Мелисгул, ОМУРЗАКОВ Сайит, ОМУШЕВ Айдаркул, ОРМУШЕВ Асан, ОРОЗАЛИЕВ Султан, ОРОЗБАКОВ Абыл, ОРОЗГОЖОЕВ Бектур, ОРОЗОВАКОВ Токтосун, ОРОЗОВА Умтул, ОРУЗБАЕВ Асангалый, ОРУЗБАЕВА Бубуйна, ОРУНТАЕВ Жумакай, ОСМОНБЕТОВ Кубат, ОСМОНОВ Абдырай, ОСМОНОВ Анвар, ОСМОНОВ Бакас, ОСМОНОВ Иса, ОСМОНОВ Мелис, ОСМОНОВ Өскон, ОСМОНОВА Жусакан, ОСМОНОВА Кенешкан, ОТУНЧИЕВ Орозон.

ӨЗБЕКОВ Сатар, ӨМУРАЛИЕВ Турусбек, ӨМУРБЕКОВ Сейит, ӨМУРБЕКОВ Черикбай, ӨМУРЖАНОВ Абдыжапар, ӨМУРЗАКОВ Жаанбай, ӨМУРЗАКОВ Садыбакас, ӨМУРКАНОВ Ырысбек, ӨМУРКУЛОВ Асылбек, ӨМУРКУЛОВ Мукан, ӨРЛӨКОВ Ибрай.

ПЕТРОВЕЦ Вера Митрофановна, ПЕТРОВ Константин Иванович, ПИСАРСКОЙ Евгений Гаврилович, ПУЗИЙ Алексей Денисович.

РАХИМОВ Калый, РАХИМОВА Наиля, РАХМАНАЛИЕВ Мелис, РАХМАНОВ Курманбек, РАХМАНОВА Асанкан, РОМАХОВ Виктор Григорьевич, РЫСАЛИЕВ Кумен, РЫСАЛИЕВА Какен, РЫСКАНОВ Токтобек, РЫСКУЛБЕКОВ Муса, РЫСКУЛОВ Адылбек, РЫСКУЛОВ Аманжан, РЫСКУЛОВ Кенеш, РЫСМЕНДИЕВ Кадыракун, РЫСПАЕВА Дарика.

СААДАБАЕВ Аскарбек, СААДАБАЕВ Мырсалы, САБЫРОВ Курбаналы, САГЫНОВ Жолдошбек, САГЫНБАЕВ Оролбек, САГЫНДЫКОВ Касым, САДЫБАКАСОВ Ильяс, САДЫКОВ Абдыкадыр, САДЫКОВ Ташболот, САДЫКОВ Тургунбай, САЙДИЛКАНОВ Разак, САКЕБАЕВА Кулушкан, САЛИЕВ Накин, САМАТОВ Кубатбек, САМСАЛИЕВ Султаналы, САПАРБАЕВ Асанкан, САРБАГЫШОВ Бердибек, САРБАЕВ Тельман, САРБАНОВ Кытайбек, САРДАРОВ Жениш, САРКЕЕВ Жокен, САРТБАЕВ Калкабай, САРТБАЕВ Карагай, САРЫМСАКОВ Жениш, САРЫМСАКОВ Карыбай, САРЫМСАКОВ Шайылпа, САРЫПБЕКОВ Райкул, САТАРОВ Александр Михайлович, САТАРОВ Калыбай, САТКЫНАЛИЕВ Айбек, САТЫБЕКОВ Сакан, САТЫЛГАНОВА Саламат, СЕЙДАКМАТОВ Касымбек, СЕЙДАЛИЕВ Айылчы, СООРОНОВ Омор, СОСИНА Елена Ивановна, СРАЖДИНОВ Абдылхай, СУЛАЙМАНКУЛОВ Какин, СУЛАЙМАНОВ Кыдык, СУЛАЙМАНОВ Токон, СУЛАЙМАНОВ Эртабылды, СУЛТАНАЛИЕВ Асек, СУЛТАНАЛИЕВ Жениш, СУЛТАНАЛИЕВ Тагайкул, СУЛТАНБАЕВ Абдылдабек, СУЛТАНОВА Бейшекан, СУЛТАНОВА Роза, СУРАНОВ Жантор, СУШАНЛО Мухаммед, СУЙУНБАЕВ Насиридин, СЫДЫГАЛИЕВ Качкыналы, СЫДЫКБАЕВ Асейин, СЫДЫКБАЕВ Карыбай, СЫРДЫБАЕВ Токтобек, СЫРЫМБЕТОВ Авас.

ТАБАЛДИЕВА Роза, ТАБЫШАЛИЕВ Салмоорбек, ТАГАЙБАЕВ Жумакадыр, ТАЛИПОВ Мирзалим, ТАТЫБЕКОВА Жанетта, ТАШКЕНБАЕВ Кулайберген, ТАШПАНОВ Алымкул, ТАШТЕМИРОВ Жакп, ТЕЛТАЕВА Гуля, ТЕМИРБАЕВ Керим, ТЕНТИМИШОВ Азим, ТЕРМЕЧИКОВ Азис, ТОЙБАЕВ Мырзабек, ТОЙБАЕВА Насипа, ТОКОБАЕВ Марат, ТОКОБАЕВ Султан, ТОКОЕВ Октябрь, ТОКОМБАЕВ Асанбек, ТОКОМБАЕВ Шайык, ТОКТАКУНОВА Фатима, ТОКТОГОНОВ Султан, ТОКТОГУЛОВ Аман, ТОКТОГУЛОВ Асанакун, ТОКТОГУЛОВ Мансидин, ТОКТОГУЛОВ Мусур, ТОКТОНАЛИЕВ Жапаркул, ТОКУШЕВА Канчайым, ТӨЛӨБАЕВ Мухиддин, ТӨЛӨГӨНОВ Жакып, ТӨЛӨГӨНОВА Жаныл, ТӨЛӨГӨНОВА Сайракан, ТӨЛӨКОВ Бектур, ТӨЛӨМУШОВ Жениш, ТӨРӨКУЛОВА Бурма, ТУРАЛИЕВ Өмурбек, ТУРГУНБЕКОВ Рафик, ТУРСУНОВ Аскар, ТУРСУНОВ Жаныбек, ТУРГУНБАЕВ Эрлис, ТУТЛИС Пётр Адамович, ТЫНАЛИЕВ Аскар, ТЫНАЛИЕВ Мойдин, ТЫНАЛИЕВА Турар.

УБАШЕВ Азиз, УЗАКОВА Айгул, УМУРАЛИЕВ Аскар, УРМАНБЕТОВ Карыбай, УРСТАНБЕКОВ Бейшек, УСМАНОВ Уман, УСУБАКУНОВ Мамыт, УСУБАКУНОВ Рахим, УСУБАКУНОВ Эсенгул, УСУВАЛЧЕВ Малик, УСУКЕЕВ Бейшенбек, УСУПБЕКОВ Шаршеке, УСУНОВ Макай.

УМОТАЛИЕВ Шаршенбек, УМОТАЛИЕВА Бейшегул, УМӨТОВ Апырбек, УМӨТОВ Жумалы, УСӨНБЕКОВ Калыйнур, УСӨНБЕКОВ Турсунбек, УТУРОВ Кытайбек.

ХАКИМОВ Малик, ХАЛМУРЗАЕВ Саид.

ЧАНАКОВ Ырыскулбек, ЧЕРИКЧИЕВА Айша, ЧЕЧЕЙБАЕВ Марат, ЧЕЧЕЙБАЕВА Накин, ЧОКМОРОВ Эсенжан, ЧОЛОКОВ Керим, ЧОРМОНОВ Бакас, ЧӨКУШЕВ Кубат, ЧУКИН Арип, ЧУКУБАЕВ Абдулхай, ЧУКУЛДУКОВ Качкынбай, ЧЫЙМЫЛОВА Бубуйна.

ШАДЫБЕКОВ Доолотбек, ШАЙДИЕВ Жапаркул, ШАКИРБЕКОВ Луйшонбек, ШАКИРОВ Эркин, ШАМБЕТОВ Садыкбек, ШАМЫРКАНОВ Ырысбек, ШАРШЕЕВ Нияэбек, ШАРШЕНАЛИЕВ Асанбек, ШАРШЕНАЛИЕВ Жанысбек, ШАРШЕНБАЕВ Мелис, ШУКУРОВ Умоталы.

ЫРСАЛИЕВ Луйшомбу.

ЭГЕМБЕРЛИЕВ Раимжан, ЭДИЛБАЕВ Канысбек, ЭДИЛОВА Мариам, ЭЛЕБЕСОВ Абдыназар, ЭРАЛИЕВ Закир, ЭРКЕБАЕВ Абдыгапы, ЭСЕНАЛИЕВ Сүйүналы, ЭШИМБЕКОВ Сарыбай.

ЮНУСАЛИЕВ Мелис, ЮСУПОВ Тологон, ЮСУПОВА Гуля.

92 я 2
К 97

Киргизская Советская Энциклопедия. В 6 томах
Т. 5
(На киргизском языке)

К 97 Кыргыз Совет Энциклопедиясы: 6 томдук /Башкы ред. Б. Ө. Оруэбаева.—Ф.: Кыргыз Совет Энциклопедиясынын башкы редакциясы.

Т. 5. 1980. Пирс — Тоокана. 656 бет, ил., 25 барак өзүнчө ил., 9 барак өзүнчө карталар.

03
ББК 92 я 2

Бул томго оюнку басма м-н 15 баттама (304 сүрөт), түстүү чыгыкы басма м-н 4 баттама (44 сүрөт), түстүү офсет басма м-н 6 баттама (209 сүрөт), 18 бет түстүү карта берилди. Текст ичинде 638 сүрөт ж-а схема, 22 карта бар. Түстүү карталар СССР Министрлер Советинин геодезия ж-а картография б-ча башкы башкармасына караштуу фабрикада, оюнку басма м-н жасалган баттамалар Эмгек Кызыл Туу ордендүү № 2 Москва типографиясында, түстүү чыгыкы ж-а түстүү офсет басма м-н жасалган баттамалар Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атн. Кыргызполиграфкомбинатында басылды. Кагаз № 1 атайы типографиялык (Ю. Янонис атп. фабрика), Кадимки-жаңы ариби, чыгыкы басма м-н басылды.

Терүүгө 1979-ж. 11-мартта берилдн.
Басууга 1979-ж. 30-августта кол коюлду.

Д—00974. Тиражы 25000. Заказ 90. Форматы 84×108¹/₁₆. Колому 41 накта басма табак текст +4,25 басма табак баттама, 68,880 шарттуу басма табак текст +7,140 шарттуу басма табак баттама. Бардыгы 76,020 шарттуу басма табак. Эсеп басма табагы 134,125. Баасы 8 сом 20 тыйын.

Кыргыз Совет Энциклопедиясынын башкы редакциясы
720 000. Фрунзе ш. Ленин проспектиси, 197-үй.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты. 720461. ГСП, Фрунзе ш., 5, Жигули кочосу, 102.

60101
Подп. изд.

© Кыргыз Совет Энциклопедиясынын башкы редакциясы, 1980.

ВАЙКАЛГАН КАТАЛАР 8ак. 90.

Бети	Тилкеси (солдон оңго карай)	Сабы: үстүнкү	Сабы: астынкы	Басылганы	Туурасы
	КСЭнин 2-томунда				
332	1	26	—	Г. И. Димитров	Г. М. Димитров
	КСЭнин 4-томунда				
448	колонтитул			ОЛИТЕРАЦИЯ	ОБЛИТЕРАЦИЯ
	КСЭнин 5-томунда				
15	3	—	5	Белорусов В. В.	Белоусов В. В.
43	2	—	4	устом	устом
56	3	—	16	траньевропалык	трансевропалык
109	2	—	14	чар жайыттуулук,	чар-жайыттык,
122	3	18	—	бидермейерлердин	бидермейерчилердин
124	1	—	4	(берклиичилик	берклиичилик
143	1	26	—	ооз эки	оозеки
178	3	27	—	Ханты-Мансы	Ханты-Мансн
185	2	13	—	И. А. Букин,	И. А. Бунин,
185	3	—	35	В. Луговский	В. Луговской
185	3	—	38	К. Баншенкин,	К. Ваншенкин,
185	3	—	—	Александрия	Александр
187	2	1	—		
227	3	—	34	кыймыл аракетинде	кыймыл-аракетинде
240	2	16—17	—	жарым жартылай	жарым-жартылай
240	2	—	1—2	сартовул, сартактой	сартавул, сартактай
249	1	—	6	Хос Хожиб	Хас Хажиб
249	1	—	16	1890-ж. т., Коломна]	1890, Коломна — 3.1. 1980, Москва]
270	1	—		округдарынан	округдарында
316	3	—	7	Таврия	Таврический
335	3	—	16	дат	дан
357	2	19	—		
362	3 сүрөт алдындагы текст			Саян-Шуша	Саян-Шушь
365	3	—	29	Иоанна	Иоанн
381	2	—	23	Түш. Родезиядагы	Зимбабведеги
430	2	33—34	—	токтомуна	токтомунда
533	2—3	картада		Танганьика	Танзания
562	2	31	—	Ирандын түш.-батышындагы	Ирандын түн.-батышындагы
618	1	—	3	биобиблиография	биобиблиография
618	3	26	—	мүчесү СССР	мүчесү. СССР
633	1	15	—	Мильков Ф. И.	Мильков Ф. Н.
640	2	—	35	км²	км²
645	3	—	20	1905-ж.	1910-ж.
653	3	—	1	Талипов И. А.	Талипов М. А.

